**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗДҮГҮ

*50 миңден ашык сөз жана сөз айкашы камтылды*

***Биринчи бөлүк***

КР УИАнын академиги
А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында

БИШКЕК
«АВРАСИЯ ПРЕСС»-2015

УДК -------
ББК ------
К ---

Басмага КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

**Редколлегия мүчөлөрү:** КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор **А.Акматалиев** (башкы редактор); филология илимдеринин доктору, профессор **Ж. Мамытов;** КР УИАнын корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **С. Мусаев;** филология илимдеринин доктору, профессор **Ж. Осмонова;** филология илимдеринин кандидаты **Ж. Семёнова;** филология илимдеринин доктору, профессор **Б. Усубалиев;** филология илимдеринин кандидаты, профессор **С. Шатманов.**

Сөздүктү түзүүчүлөр: **И. Абдувалиев** – А; **А. Акматалиев, А. Кадырмамбетова, М. Касымгелдиева, Ж. Семёнова,** (А, Б, В, Г, Д, Е, Ж, З, И, Й, К, Л, М, Н, О, Ө, П, Р, С, Т, У, Ү, Ф, Х, Ц, Ч, Ш, Щ, Ы, Э, Ю, Я); **Б. Жайлообаев** – Б; **А. Исабекова** – Н, О; **Р. Коңурбаева** – Л, М; **Т. Маразыков** – К (куюшкандан); **С. Мусаев** – Ө, Ш, Щ, Ы, Э; **С. Олжобаев** – Ж, И; **Ж. Осмонова** – Ф; **М. Толубаев** – Ж (жаа-жаран); **С. Шатманов** – Т.

Рецензенттер:
**К. Токтоналиев** – филология илимдеринин доктору, профессор
**Т. Садыков** – филология илимдеринин доктору, профессор
**Т. Токоев** – филология илимдеринин доктору

К --- **КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗДҮГҮ. Биринчи бөлүк.** – Б.: «АВРАСИЯ ПРЕСС», 2015. – 800 б.

ISBN ------------------------

«Кыргыз тилинин сөздүгүн» түзүү – учурдун талабы. Сөздүккө 50 000ден ашык сөз жана сөз айкаштары камтылып, ар бирине түшүндүрмөлөр берилди. Түшүндүрмөлөр адабий чыгармалардан, мезгилдүү басма сөздөн, саясий, илимий ж.б. адабияттардан, оозеки кептен алынган мисалдар менен бекемделди.
Сөздүк окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат. Китеп эки бөлүктөн турат.

Китеп КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор Абдылдажан Акматалиевдин демилгеси менен, ошондой эле анын басма боюнча проектисинин негизинде жарык көрдү.

**Бул китептин бардык же бир бөлүмүн да чыгарылган формадан уруксат албастан электрондук, механикалык көчүрмө жасоо же ар кандай жолдор менен көбөйтүлүүсүнө жана сакталуусуна тыюу салынат. Бул китептин автордук акылары ОсОО «AVRASYA JAYINCILIK» басмаканасына тиешелүү.**

**К -------------------------**

**УДК --------**
**ББК --------**

ISBN ---------------------

© «АВРАСИЯ ПРЕСС»-2015

## ТИЛ – ЭЛДИН АВТОПОРТРЕТИ...

*Урматтуу окурман!* Сизге «Кыргыз тилинин сөздүгүн» тартуулап отурабыз.

Кыргыз сөздүгүнүн тарыхына кайрылсак, буга чейин 1969-жылы «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү», 984-жылы «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» 1-тому («А»-дан – «К», күрөгө чейин) жарык көргөн. Бул китептер тил таануу багытында илимий-практикалык мааниси зор эмгек катары коомдук турмушубузда кеңири пайдаланылып, өз кызматын өтөп келди. Бүгүнкү күндө аталган сөздүктөрдү табуу өтө кыйын, ал гана эмес китепканаларда сейрек учурайт.

Биз канчалык «өз тилимди мыкты билем, сөз байлыгым кенен» деп мактанбайлы, элдик оозеки чыгармаларды, азыркы көркөм, тарыхый же кесиптик адабияттарды окуганыбызда, кыргыздын эски нукура сөздөрүн көп пайдаланып сүйлөгөн адамдар менен сүйлөш-көнүгүздө айрым сөздөр таптакыр тааныш эмес же мааниси бүдөмүк болуп калган учурлар көп эле кездешет. Анын үстүнө, азыркы жаштарыбыз да нукура кыргыз сөздөрүнөн алыстап, эски сөздөрдүн көбүн түшүнбөгөндүктөн, билбегендиктен, аргын тилдүүлүккө көбүрөөк ооп жатышат. Керек учурда кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн кол алдында турушу мугалимдер, студенттер, акын, жазуучулар, маданий ишмерлер, ар түрдүү кесиптин ээлери жана жалпы эле калайык калк, келечек муундар үчүн абдан зарыл. Мына ушундай муктаждыктын бар экендигин сезип туйсак да, арадан отуз-кырк жылдай убакыт өтсө да сөздүктү жаңыртып, коомдун социалдык-маданий талабына ылайык кошумчалап чыгаруу жагы колго алынбай келгендигин мойнубузга алышыбыз керек.

«Кыргыз тилинин сөздүгүн» бүгүнкү күндүн талабына ылайык деңгээлде жаңы түшүнүктөр, жаңы маанилер, жаңы сөздөр менен кошумчалап, жаңыртып чыгаруу максаты да, актуалдуулугу, жаңычылдыгы да объективдүү шарттардан, мезгил талабынан келип чыгып отурат. Жогоруда аталган эки сөздүктү кайрадан ошол бойдон басып чыгаруу мүмкүн эмес. Албетте, жаңы сөздүктү түзүүдө мурдагы сөздүк негиз болуп берээри, жарактуу материалдары (түзүүчүлөр жөнүндө маалымат сакталуу менен) пайдаланылаары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, улам жаңыртып сөздүк чыгарган сайын ар бир сөзгө улам жаңыча түшүндүрмө берүүнүн зарылчылыгы жок. Эгер туура, так, түшүнүктүү аныктама берилип, мисалдар ылайыктуу тандалган болсо аны өзгөртүү эч зарыл эмес. Ошентсе да бул жаңы сөздүктү түзө коюу оңой болгон жок, ал институттан сыртта иштеген бир топ филолог окумуштуулардын катышуусу, институттун илимий кызматкерлеринин түйшүктүү эмгектеринин жана көрүнүктүү акын-жазуучуларыбыз, маданий коомчулуктун кызматкерлери катышкан талаш-тартыштуу нечендеген талкуулардын жыйынтыгында жаралды.

Жаңы, биз түзүп, сунуш кылып жаткан «Кыргыз тилинин сөздүгү» кандай айырмачылыкка, өзгөчөлүккө ээ? – деген мыйзам ченемдүү суроо туулат.

**Биринчиден**, эки сөздүк чыккандан берки 30–40 жыл убакыт ичинде саясий, маданий, экономикалык турмушубузда зор өзгөрүүлөр, жаңылыктар болуп ошого жараша улуттук лексикабызда жаңы сөздөр пайда болду. Семантикалык жаңы мазмун, түшүнүктөр кошулду. Мурдагы сөздүктөр бардык нерсе саясатташтырылган советтик мезгилде жаралгандыктан көпчүлүк сөздөргө түшүндүрмөлөр да советтик идеологиялык көз карашка ылайыкташтырылып бир жактуу мааниде, коллективизм, партиялуулук, таптуулук жана атеисттик көз караштан берилген учурлар арбын. О.э. саясатташтырылган мисалдар да арбын келтирилген. Саясий-партиялык басылмалардан алынган көп мисалдар бүгүн моралдык жактан эскирген. Жаңы сөздүктө мына ушул көрүнүштөргө атайын көңүл бурулуп, түшүндүрмөлөр ашыкча саясатташтыруу, чектөөлөрдөн арылтылып, негизги түз маанисин берүүгө аракет кылынды. Түшүндүрмөлөр

мурда эске алынбай, кирбей калган маанилер жана жаңы турмуштук көрүнүштөр менен кошо кирген жаңы маанилер менен толукталды.

**Экинчиден,** утурумдук «социалисттик-өндүрүшчүл», саясатташкан мисалдардын орду институттун кол жазмалар фондусунан даярдалып, биринчи жолу жарык көргөн (ошондой эле али басуудан чыга элек) «Манас» эпосунун академиялык басылмаларынан (С. Орозбаков, С. Каралаев), «Эл адабияты» сериясынын 30 томдугунан, «Залкар акындар» сериясынан (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Жеңижок, Молдо Нияз ж.б.) алынган жаңы материалдар жана 70-жылдардан берки аралыкта жарык көргөн акын-жазуучуларыбыздын жаңы чыгармаларынан ошондой эле дүйнөлүк классикалык адабияттан кыргыз тилине которулган үлгүлөрдөн алынган мисалдар менен толукталды.

**Үчүнчүдөн,** атеисттик көз караштан улам «унутулуп», кирбей калган диний түшүнүктөр да сөздүктөн алфавиттик тартип боюнча өз орундарын ээлешти.

**Төртүнчүдөн,** улуттук психологияны, менталитетти көрсөткөн элдик үрп-адат, каада-салт, ырым-жырым, аңчылык, саяпкерчилик, устачылык, зергерчилик, саймачылыкка байланыштуу мурда кирбей калган сөздөрдүн жана мисалдардын кеңири орун алышы да жаңы сөздүктүн артыкчылыктарынын бири болуп эсептелет. Бекеринен академик, дүйнөлүк маанидеги жазуучу Чыңгыз Айтматов «Тил – элдин автопортрети» деп айтпаса керек.

**Бешинчиден,** илимий-техникалык прогресстин ар тараптуу багытта дүркүрөп өсүшү, чет өлкөлөр менен саясий, социалдык, экономикалык, маданий, илимий байланыштардын тереңдеши, интеллектуалдык интеграция маселелерине байланыштуу азыркы кыргыз тилибизде интернационалдык терминдер, түшүнүктөр кеңири пайдаланылып, кадимки төл сөздөрүбүздөй эле жак, чак, жөндөмө, сан, мамиле, ыңгай ж.б. грамматикалык категориялар менен өзгөртүлүп колдонулат. Ошол себептүү биз башка тилден кирген сөздөрдүн ичинен күнүмдүк турмушубузда өтө кеңири колдонулгандарын, атайын адистер эле эмес көпчүлүктүн билиши зарыл деп эсептеген сөздөрдү да бул сөздүккө түшүндүрмөлөрү, иллюстративдик мисалдары менен киргизүүнү туура таптык.

**Алтынчыдан,** фразеологизмдер, алардын варианттарына, көркөм адабияттарда кеңири пайдаланылган же белгилүү бир аймакка гана таандык көрүнүштү билдирип, башкача аталыштагы эквиваленти жок диалектизм сөздөргө түшүндүрмөлөр берилип, көрсөтмөлүү мисалдары менен берилди.

**Жетинчиден,** о.э. «Кыргыз тилинин сөздүгүнөн» советтик доордо колдонууга тыюу салынып, архаизм, историзмге айланып кеткен айрым сөздөрдүн азыркы мезгилде кайрадан активдешип, жаңы контексттик курамда жаңырып жаңыча маанилик өңтүс алып, жанданууга жөндөмдүү экендигин көрүүгө болот.

Ошентип, колуңуздардагы «Кыргыз тилинин сөздүгү» – кыргыз лексикографиясынын тарыхындагы өзүнчө бир этаптык баскыч, жаңы муундагы сөздүк.

Албетте, бул сөздүктүн да ийгиликтери менен кошо кемчиликтери да болушу толук ыктымал. Сөздүктү, анын ичинде түшүндүрмө сөздүктү түзүү иши жооптуу, маанилүүлүгүнө жараша татаал, чексиз иш. Тилдин байлыгы анын сандык эсебинен гана эмес, жандуу ийкемдүүлүгүнө, көп кырдуу маанилүүлүгүнө да байланыштуу. Сөздүн маанилик өзгөрмөлүүлүгүнөн улам кээде айрымдарынын түшүндүрмөлөрүн айкын, так берүү оор, татаал. Түшүндүрмө сөздүк менен катар этимологиялык, синоним, омоним, антоним, кесиптик-лексикалык ж.б. түркүн багыттагы сөздүктөрдүн болушу, мезгил-мезгили менен жаңыланып, толукталып басылып турушу максатка ылайыктуу. Бул «Кыргыз тилинин сөздүгүнө» кыргыз тилиндеги бардык сөздөрдү камтуу, камтылды деп так кесе айтуу дегеле мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул сөздүктү биротоло бүткөн, өзгөрбөс, толукталбас эмгек деп эсептебейбиз. Мезгил өткөн сайын улам жаңы сөздөр, жаңы түшүнүктөр келип чыгат, толукталат, ошондо сөздүктүн кайрадан жаңылануусу талап кылынат, ал эми ага чейин ушул сөздүк элге өзүнүн ак кызматын өтөп берет деп ишенебиз.

Сөздүк үчүн жалгыз эле тилчилер эмес, тармактык кесиптин адистери да жооптуу. Мындай сөздүктү иштөө үчүн союз учурунда он-он беш жылдай мөөнөткө материалдык-техникалык, финансылык база түзүлүп пландаштырылаар эле. Ошентсе да биз жакшы шартты күтүп отурбай мүмкүнчүлүккө жараша колдон келишинче аракет кылдык. Эгерде бул сөздүк түзүлбөсө дагы көп жылдарга чейин анын ордун боштук ээлеп, бабалар сөзүн урпактарына жеткирчү жолдордун нугун отоо чөптөр басып, нукура кыргыз сөздөрүнүн маанилери түшүнүүдөн алыстап, аларды сүйлөө, жазуу азая бериши мүмкүн.

Жок, андай болуусу мүмкүн эмес! Ошондуктан, урматтуу окурман, бул сөздүк бүгүнкү күндүн талабы экендигин эске алып, сөздүктү кубануу менен тосуп алат деген терең ишенимдебиз.

«Кыргыз тилинин сөздүгү» улуттук тилибиздин сөздүк составын, фондусун көрсөткөн жөн гана сөздүк эмес, бул кыргыз элинин басып өткөн жолу, тарыхы, руханий бай алтын казынасы, энциклопедиясы, улуттук паспорту, ар бир окурмандын интеллектуалдык кругозорун кеңейткен, терендеткен, өстүргөн, маданиятын көтөргөн сөздүк болот деген ишенимдебиз.

«Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (1969) белгилүү окумуштуу **Жапар Шүкүрович Шүкүровдун** жетекчилиги астында лексикология жана лексикография секторунда төмөнкү кызматкерлер тарабынан түзүлгөн: **Д. Абдылдаев** – К (каада – күлүк), Т (туш – туяктуу); **Р. Бекжанова** – К (күлүктүк – кыйчылдоо), Т (тура – тутуу), М (мүйүздүү – мына), Ш, Щ; **А. Биялиев** – Т (текшер – тергөөчү; тү – түйүр), Э, Ю, Я; **А. Давлетбаев** – А, М (мат – мүйүз), Н, С (саа – сөөк); **Д. Исаев** – С (сөөктө – сюртук); **К. Кырбашев** – К (кыйшай – кювет), О, Ө, Т (туу – туфли), Ы; **Ж. Мураталиева** – В, Г, Д, Е, З, И, Л, М (маа –масштаб), Т (таа – текче; түйшүк – тюрма); **Ж. Осмонова** – М (мындай – мээрман), У, Ү, Ф, Х, Ц, Ч; **Р. Шамурзина** – Ж, П, Р, Т (терде – тур). Ошону менен бирге бул сөздүктүн даярдалган кыйла бөлүгүн кайрадан түзүп, редакциялап чыгууга туура келген. Мындай иш сектордун төмөнкү кызматкерлери тарабынан аткарылган: **Э. Абдулдаев** – Б, В, Г, Д, Е, Ж, С, Т (таа – тоголок), Ү, Ф, Х, Ц, Ш, Щ, Ы, Э, Ю, Я; **Д. Исаев** – А, З, И, К, Л, М, Н, О, Ө, П, Р, Т (тоголокто – тюрма), У,Ч.

«Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (1984, 1-том А-дан күрөгө чейин) институттун лексикология жана лексикография секторунун төмөнкү илимий кызматкерлери тарабынан түзүлгөн: **Э. Абдулдаев** – С, У; **Д. Абдылдаев** – В, Г, Д, Е, З, И, Л, Н, Ш, Щ, Ы; **Р. Бекжанова** – К (командачы – күйөө); **А. Биялиев** – Ж (жоон – жюри), Т, (таа – тасилим), П, Р, Ф, Х, Ц, Я, Ю; **Д. Исаев** – К (күйөөлө – кювет), М (министерство – мээрманчылык), Э; **К. Кырбашев** – К (ка – командарм); **Ж. Мураталиева** – Б, Ч; **Ж. Осмонова** –Ж (жаа – жоомарттык); **Р. К. Шамурзина** – А, О, Ө, Ү, М (маа – минимум), **С. Шатманов** –Т (таскак – тюрма).

«Сөздүктүн редакциялоо ишинде олуттуу кыйынчылыктар болду, анткени түзүлүп бүттү деп өткөрүлгөн кол жазмалардын жалпы сапаты талапка толук жооп бергидей абалда болбогондуктан, аларды редакциялап жана басмага даярдап чыгуу иши чынында арзанга турган жок» – деп эскеришет сөздүктүн ошол мезгилдеги редакторлору Э. Абдулдаев менен Д. Исаев. Ошондуктан, иштин сапатын жакшыртуу милдети сектордун төмөнкү илимий кызматкерлерине тапшырылган: **Э. Абдулдаев** – А, К, М, О, Ө, П, Р, Ч, Э; **Д. Исаев** – Б, В, Г, Д, Е, Ж, З, И, Л, Н, С, Т, У, Ү, Ф, Х, Ц, Ш, Щ, Ы, Ю, Я. Редакциялоо ишине **С. Шатманов** катышкан. Ошону менен бирге сөздүктүн кол жазмасын басмага даярдоо жана басып чыгаруу иштерине сектордун старший лаборанты **А. Курманалиева**, илимий кызматкерлер **Ш. Жапаров, К. Сейдакматов, К. Конкобаевдер** катышышып, иштиктүү жардам көрсөтүшкөн. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү» ошол мезгилдеги институттун директору **Аскар Турсуновдун** жалпы жетекчилиги менен аткарылгандыгын белгилеп коюшубуз керек.

Сөздүктөрдү түзүүдө академик **К. К. Юдахин** баалуу кеңештерин айтып турган. Ал эми жаңы сунушталып жаткан «Кыргыз тилинин сөздүгүн» түзүүдө жогоруда аталган эки китептин (1969, 1984) материалдарды илимий булак катары кызмат кылып, чоң жардам бергендигин баса белгилешибиз керек. Ошондой эле **К. Юдахиндин, К. Карасаевдин, Ж. Мукамбаевдин** ж.б. түзгөн сөздүктөр пайдаланылды. Жумакан Мураталиева түзгөн (Б, Ч) тамгаларынын материалдарын да колдондук, ал үчүн кызы Мураталиева Берметке ыраазычылык билдиребиз. Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору болуп кызматымды баштаганда эле (2008, ноябрь) республикабыздагы белгилүү жана даражалуу тилчилерди чогултуп, демилге кылып «Кыргыз тилинин сөздүгүн» даярдоо маселесин күн тартибине койгонумдун себеби бул, заманбап сөздүк чыгаруу иши жан дүйнөмдү көптөн бери түйшөлткөн маселе болчу, ошондой эле башка мамлекеттердин өкүлдөрү «эми кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү кайрадан качан чыгат?» деген сыяктуу суроолор улуттук ар-намысыма катуу тийип кетчү. Атайын бир жылдык проект түзүп, өтөөсүнө чыгып жатабыз. «Кыргыз тилинин сөздүгүн» колго алганыбыз мезгил зарылдыгынан келип чыккандыгын көрсөттү. Эгерде «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» (1969-ж.) орточо эсеп менен 25 000 миң сөз камтылса, 2010-жылы чыгып жаткан «Кыргыз тилинин

сөздүгүндө» 50 000ден ашык сөз жана сөз айкаштары камтылып жатат. Демек, ушул фактынын өзү эле бул сөздүктүн жаңы экендигин айкындап турат.

Сөздүктүн кол жазмасын толуктоого, кошумчалооого басмага даярдоодо жана басып чыгаруу иштерине институттун илимий кызматкерлери **М. Мукасов, З. Исмаилова, Н. Тажибаева, Т. Сыдыкова, А. Махмануров, М. Усупова, Г. Абдразакова, Г. Жунушалиева, С. Егимбаева, Ж. Тургунбаева, А. Жакыпбекова, Н. Ыйсаева, Н. Калыкова, лаборанттар Н. Жолдошева, Н. Мамбетакунова,** өзгөчө илимий кызматкерлер **М. Текешова, Б. Өмүров,** ага лаборант **А. Абдыкалыковалар** катышышып, чоң колдоо көрсөтүштү.

Сөздүктү иштөө процессинде өздөрүнүн ой-тилектерин, кеңештерин айткан акын жазуучуларга, журналисттерге, ар кыл кесиптеги адамдарга ыраазычылык билдиребиз.

***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ***
*Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору,*
*КРУИАнын корреспондент-мүчөсү,*
*филология илимдеринин доктору, профессор.*

## СӨЗДҮК – БҮГҮНКҮ КҮНДҮН ӨКТӨМ ТАЛАБЫ

Азыркы кыргыз адабий тили – Енисей жазма эстеликтери деп аталган маданий дөөлөттөр жаралган байыркы кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн, иштетилген, калыптанган формасы катары Кыргыз элинин коомдук турмушунун баардык тармактарында толук түрдө, кеңири колдонулуу мүмкүнчүлүгүндөгү улуттук жана мамлекеттик тили. Миндеген кылымдар бою Кыргыз эли өзүнүн тилин сактап, анын көркөмдүүлүгүн, байлыгын арттырып, ийкемдүүлүгүн, угумдуулугун, жатыктыгын өркүндөтүп келген. Мунун баардыгы, негизинен, кыргыз тилинин өзүнүн ички мүмкүнчүлүгү, кудурет – күчү аркылуу шартталып, ага таянуу, андан башат алуу менен өнүктүрүлгөн.

Тилдик каражат – бирдиктер, аларды колдонуу ыкмалары кыргыз тилинин өзүнүн ички закончененемдүүлүктөрү аркылуу аныкталат. Кыргыз тилинин өнүгүү жолунда калыптанган өзгөчө системасы, андагы модель-үлгүлөр, схема-типтер, табигый ички закончененемдүүлүктөр, потенциалдуу мүмкүнчүлүктөр, жеке өзгөчөлүктөр аны башка тилдерден айырмалап, өзүнө гана мүнөздүү тилдик системасынын, структурасынын жана нормасынын калыптанышын шарттады. Азыркы кыргыз адабий тили – Кыргыз элине бирдей мүнөздүү тилдик белгилердин, орток кубулуштардын, жалпылыктардын негизинде тарыхый жактан калыптанган жалпы элдик тилдин иштетилген эң жогорку формасы. Анткени ал түндүк, түштүк-чыгыш, түштүк-батыш жергиликтүү говор, диалектилерге, этностук айырмачылыктардын чагылдырылышына караганда Кыргыз элине бирдей түшүнүктүү болгон жалпы, орток белгилерге негизделүү менен, Кыргыз эли колдонгон тилдик жалпы каражат-бирдиктердин системасынан турат. Ал тил чеберлери, көркөм сөз устаттары, тилге акыл-эс, сезимталдык менен дыкат мамиле кылган ишмерлер тарабынан иштетилген, өркүндөтүлгөн мүнөзгө ээ болуу менен, стилдик жактан кеңири жиктелүү, функционалдык мүмкүнчүлүгү жагынан ар тараптуу келет.

Кыргыз тилинин эгемен Кыргыз мамлекетинин мамлекеттик тили катары юридикалык укукка ээ болушу ал тилдин ар тараптуу өнүгүп-өркүндөшүнө, кеңири изилдеп-иликтенишине жана милдеттүү түрдө окуп-үйрөнүлүшүнө шарт түзүп, алды менен, анын коомдук – саясий функциясынын артышы, ал тилди коомдук-саясий турмуштун баардык чөйрө-тармактарында кеңири пайдалануу жана аны илим-билим, таалим-тарбия берүүнүн чыныгы курал-каражатына айландыруу менен түздөн-түз байланышкан. Ушул өңүттөн караганда, тилдин грамматикалык системасы, стилдик жиктелүүсү, ийкемдүү структуралык түзүлүшү, грамматикалык бай формалары менен эле катар анын лексикалык кору, сөздүк байлыгы да тилдин өрнөктүү тилдерден экендигин айгинелөөчү негизги факторлордун бири болуп эсептелет.

Тилдин лексикалык кору – ошол тилди жараткан жана аны колдонуп жаткан элдин бүтүндөй жашоо турмушун, тарыхый тагдырын, алардын маданий, материалдык баалуулуктарын, аң-сезим, эс-тутумун, дүйнөгө карата болгон көзкараш, ой-пикирлерин, дүйнө-таанымын, башка элдер менен болгон эриш-аркак карым-катышын толук чагылдырган казына-кенч, капка, элдин эстутум энциклопедиясы. Ошондуктан тилдин лексикалык байлыгын терип-тепчип, сөздүк тибинде түзүп чыгуу тилди сактап калуунун, өнүктүрүүнүн жана изилдеп-иликтөөнүн бир аракети катары өзгөчө мааниге ээ. Анткени тилдин лексикалык байлыгы, лексикалык кору – коомдук турмуштун, андагы өнүгүп-өзгөрүүлөрдүн, ар кандай жаңылануулардын түздөн-түз чагылдырылышы, коомдун лингвистикалык сүрөттөлүшүн көрсөтүүчү күзгү. Коомдогу өзгөрүүгө жараша тилдин лексикалык кору да, лексикалык байлыгы да олуттуу өзгөрүүгө учурап, айрым лексемалардын семантикасы, функциясы кеңисе, айрымдары жаңы жаралып, ийкемдүү колдонула баштады. Мунун баардыгы лексикографиялык иштерди жандандыруу зарылдыгын шарттады...

Албетте, кыргыз тил илиминде мындай иштерди жүргүзүүнүн өзүнчө бир калыптанып калган ири салты, тажрыйбасы бар. Кыргыз тилинин лексикалык корун жыйнап, системалаштыруу максаты атайын коюлбаганы менен В. В. Радловдун 28 китептен турган 4 томдук «Опыт словаря тюркских наречий» деген фундаменталдуу эмгеги кыргыз тилинин лексикографиялык иштеринин башатында тургандыгы менен өтө баалуу экендигин танууга болбойт. Андан кийин кыргыз тилинин лексикалык корун мүмкүн болушунча толук жыйноо, аны картатекага түшүрүп, системага келтирүү жумуштары түздөн-түз К. Юдахиндин жетекчилиги менен кыргыз тил илиминин көрүнүктүү өкүлдөрү К. Карасаев, Ж. Шүкүров ж.б. тарабынан аткарылгандыгы белгилүү. 1940 жана 1965-жылы «Кыргызча-орусча сөздүк», ал эми 1944 жана 1957-жылы «Орусча-кыргызча сөздүктөрдүн» жарык көрүшү өмүр байлаган иштер экендигинин айныгыс далили...

Арийне, К. К. Юдахиндин редакциясы менен жарык көргөн аталган сөздүктөр эки тилдүү котормо сөздүк түзүүдөгү кыргыз тил илиминде эле эмес, жалпы эле түркология илиминдеги ири тажрыйба катары лексикографиялык иштердин башка типтерин даярдоодо да кеңири пайдаланылгандыгы маалым. Анткени аталган сөздүктөр белгилүү деңгээлде котормо сөздүктүн да, түшүндүрмө сөздүктүн да жана фразеологиялык сөздүктүн да милдетин аткарган, материалдар ошондой мүнөздө берилген.

Кыргыз тил илиминде лексикографиялык иштерди жүргүзүү тажрыйбасына таянуу жана андан үйрөнүү жумуштарынын натыйжасында 60-жылдардын башында кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн түзүү иштери колго алына баштады. Жыйынтыгында 1969-жылы «Кыргыз тилинин I томдук түшүндүрмө сөздүгү» жарык көрүп, коомчулукка тартууланды. Буга удаалаш I томдукту түзгөн эле коллектив кыргыз тилинин 2 томдук түшүндүрмө сөздүгүн түзүү иштерине киришкендиги белгилүү. Бул логикалуу да, туура да болгон. Анткени авторлор 1 томдук түшүндүрмө сөздүктү түзүү учурунда талбай изденүүнүн, фактыга чыгармачыл мамиле кылуунун натыйжасында кадик адис катары зор тажрыйбага ээ болушкан. Сөздүк белгилүү даражада коллектив тарабынан автордук вариантта түзүлүп бүтүп да калган. Бирок, тилекке каршы, айрым бир субъективдүү себептерден улам 2 томдук түшүндүрмө сөздүктүн 1-тому 1984-жылы жарык көрүп, 2-тому ушу бүгүнкү күнгө чейин жарык көрбөй, коомчулуктун колуна тийбеген бойдон калып жатат... Мунун себептери ар кыл...

«Кыргыз тилинин сөздүгүн» түзүү жана аны жарыкка чыгаруу бүгүнкү күндүн өктөм талабы экендигин баардыгыбыз толук түшүнөбүз. Ошондуктан бул сөздүктү толук бойдон кайра түзүп чыгуу жана аны жарыкка чыгаруу маселесин директор А. Акматалиев жетектеген Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жамааты колуна алгандыгы кубандырат.

***Сыртбай МУСАЕВ,***
*КРУИАнын корреспондент-мүчөсү,*
*филология илимдеринин доктору, профессор.*

## СӨЗДҮКТҮ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРГА КЕРЕКТҮҮ МААЛЫМАТТАР

### Сөздүктүн түзүлүшү

1. «Кыргыз тилинин сөздүгүндө», азыркы кыргыз адабий тилинде бүгүнкү күндө кеңири колдонулуп жүргөн сөздөрү, кош сөздөрү, кошмок сөздөрү, татаал этиштери, туруктуу сөз айкаштары берилди. Ошону менен эле катар окуу куралдарында, адабий көркөм чыгармаларда, басма сөз беттеринде кеңири колдонулуп келе жаткан терминдер камтылды. Ошол эле учурда адабий тилдин лексикалык составына жаңы мазмун берип орун ала турган көркөм чыгармаларда кеңири кездешкен диалект сөздөр реестрдеги сөз иретинде алынды. Сөздүктө негизги сөз катары баш тамгалар аркылуу өзгөчөлөнүп, түшүндүрмө берилүүчү сөз реестрдик сөз деп аталат да, анын түшүндүрмөсү, семантикалык аныктамасы, ага карата берилген иллюстративдик материалдар, мисалдар сөздүктүн макаласын түзөт.

2. Сөздүн грамматикалык мүнөздөмөсү берилген жок. Сөздүккө терминологиялык лексиканын профессионалдык тар чөйрөдө гана чектелип, колдонулуш сферасы анча кеңири боло албаган фактылары, илим менен техниканын белгилүү бир тармагында гана колдонулушу алынган жок. Сөздүккө аббревиатуралар, топонимдер, адам аттары, айрым авторлордун жеке стилинде колдонулган сөздөр жана сөз маанилери алынган жок.

### Сөздөрдүн сөздүктө берилүү тартиби

3. Сөздүктүн ар бир макаласынын башында (уя башында) жайгашылган сөздөр алфавит тартиби боюнча берилип, баш тамгалар менен терилди. Андан кийин ар бир сөздүн маанилеринин түшүндүрмөсү, иллюстрациялык материалдар жайгашылды. Көп маанилүү сөздөрдүн семантикалык структурасы төмөнкүдөй жолдор менен чечмеленди: а) уя башындагы сөз бир нече мааниге ээ болсо, анын ар биринин чеги араб цифрасы менен ажыратылып айрым-айрым бөлүнүп берилди; б) эгерде уя башындагы сөздүн мындай өз алдынча мааниге жетпеген, азыраак гана өзгөчөлөнгөн болсо, аны // белгиси аркылуу өзүнчө бөлүп түшүндүрүүгө туура келди.

4. Сөздүн варианттары төмөнкүдөй тартипке жайгаштырылды: а) Орфографияда бардык варианттары жазыла берсин деп чечилген жана тил практикасында бардык варианттары бирдей даражада колдонулуп жүргөн сөздөрдүн бирөөнө гана түшүндүрмө берилип, калгандары ошого карай «... менен бирдей» деп көрсөтүлүп шилтенди.

Мисалы:<br>
**ЖАПАЙЫ**.....<br>
**ЖАПАН жапайы** менен бирдей.<br>
**ТҮРДҮҮ...**<br>
**ТҮРЛҮҮ түрдүү** менен бирдей.

б) Эгерде көп варианттуу сөздөрдүн орфографиялык нормага туура келбеген

түрлөрү ачык белгилүү болуп турса, алар туурасына карай шилтенип, төмөнкүчө жайгашылды:

**АЙЛАГЕР** *туурасы:* **айлакер.**

**АЙЛАКЕР....**

**ГОЗО...**

**КОЗО** *туурасы* **гозо.**

5. Кош сөздөрдүн бардык түрү алфавит тартиби боюнча уя башында берилди:

**АЛМАК-САЛМАК...**

**АНЫ-МУНУ...**

**БАЛА-БАКЫРА...**

Эки түгөйү тең өз алдынча колдонулбаган жана жеке-жеке турганда лексикалык маани бербеген, бирок жупталып, коштолуп айтылганда лексикалык маани туюнтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турган кош сөздөр; эки түгөйү тең өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп турганы менен, алардын жупталып, кош айтылышында сыңарларынын кошулган маанилерине төп келбеген, кош сөз катары лексикалык жаңы маани туюнтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алган кош сөздөр; кайталанма кош сөздөр; бир түгөйлүү лексикалык мааниге ээ, экинчи түгөйү андай мааниге ээ болбогону менен, кош сөз катары лексикалык жаңы, кеңири маани туюнткан кош сөздөр; лексикалык мааниге ээ түгөйлөрүнүн ортосундагы маанилик катыш, ал компоненттердин маанилеринен өзгөчөлөнүп башка мааниге өтүүнүн аркасында толук лексикацияланып кеткен туруктуу кошмок сөздөр; лексикалык мааниси күңүрттөнүп, өз алдынча колдонулуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган сөздөр менен толук маанилүү сөздөрдүн айкалышынан жасалып, лексикалык бир маани берип турган кошмок сөздөр; лексикализацияланышып кеткен төмөнкүдөй түгөйлөрү туруктуу татаал сөздөр – изафеттик туруктуу тизмектер реестрге чыгарылып, ар бирине түшүнүк берилет.

6. Бир түгөйү ошол тизмектеги маанини уюштурууга негиз болуп, ал мааниге түздөн-түз катышы бар экендиги ачык сезилип турган кошмок сөздөр сөздүккө өзүнчө макала менен берилди.

7. Фразеологиялык тизмектер, алардын варианттары, учкул сөз, афоризм ж.б.у.с. туруктуу тизмектердин бардыгы өз алдынча реестр сөз катары берилет.

8. Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн орус орфографиясындагы варианты да, кыргыз тилинин тыбыштык мыйзамдарына баш ийген түрү да камтылып берилет.

**ДЕРЕКТИР.....**

**ДИРЕКТОР** деректир менен бирдей.

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн орус орфографиясындагы варианты да жана аны кыргызча которулушундагы эквиваленти өз-өз ордуна көрсөтүлүп, кыргызчасына түшүндүрмө берилет да, орусчасынан кыргызчасына шитенет:

**ТРАССА канжол** менен бирдей

**КАНЖОЛ ...**

9. Сөздүккө омонимдер (айтылышы менен жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка сөздөр) өз алдынча макалага чыгарылып, ар бири рим цифрасы менен ажыратылып берилди. Мисалы:

**ЖАТ I (жат киши)**

**ЖАТ II (жат** билүү, **жат** айтуу)

**ЖАТ III (жатып** эс алуу)

**КАТТА I** (тизмеге **каттап** алуу**)**

**КАТТА II (каттап** кийинүү)

**КАТТА III (**айылга же башка бир жакка **каттап** туруу).

Эгерде этиш сөздөр унгу түрүндө турган абалында да, ошондой эле башка формага же башка маанидеги сөздөргө өтүп колдонулганда да өз ара омонимдеш болуп айтылса, сөздүктө булардын ар бири өзүнчө макалага чыгарылып, төмөнкүчө берилди:

**АЙДА I** (койлорду **айдап** жөнөдү: сүргүнгө **айдады)**
**АЙДА II (**жер **айдады)**
**АЙДОО I (айдоого** үрөн себүү**)**
**АЙДОО II (айдоого** кетүү, **айдоодо** жүрүү**)**
**АЙДОО III(айда I** этишинин кыймыл атоочу**)**
**АЙДОО IV ( айда II** этишинин кыймыл атоочу)

**Сөздүктө макаланын берилиши**

11. Сөздүк макала эң биринчи баш сөздөн (реестрден) башталды. Алар сөздүктө баш тамга менен берилди. Мисалы:

**БАЛА**

Негизги сөздөр реестрге өздөрүнүн негизги морфологиялык формасында, өзгөрүүсүз алынды. Реестрдик сөз катары уңгу түрүндөгү буйрук ыңгай формасындагы нагыз этиштер жана башка сөз түркүмдөрүнөн жасалган туунду этиштер алынат. Мисалы:

**АЙТ**
**КЕЛ**

Реестрдик сөз катары мамиле этиштеринин бардык түрү алынышы керек. Бирок ага түшүнүк берилбестен, жөн гана этиштин кайсы формасы экендиги көрсөтүлөт:

**БОШОН** бошо этишинин өздүк мамилеси
**БОШОТ** бошо этишинин аркылуу мамилеси
**СЫНАЛ** сына этишинин туюк мамилеси
**СЫНАШ** сына этишинин кош мамилеси.

12. Сөздүккө алынган ар бир сөздүн мааниси (же маанилери) филологиялык справочниктин нормасына ылайык түшүндүрмө берүү жолу менен чечмеленди. Сөздөргө түшүндүрмө берүүнүн түрдүүчө лексикографиялык жолдору бар. Анын эң негизгиси сөздүн лексикалык маанисине сыпаттап аныктама берүү болуп саналат.

13. Адабий тилде өзүнө толук маанилеш болуп айтылган түгөйлөрү бар кээ бир диалектилик сөздөрдүн (жубалдыз – темене) же бири-бирине толук синонимдеш болуп колдонулган сөздөрдүн (бөрү -карышкыр) ар бирин өзүнчө түшүндүрүп отурбастан, алардын же адабий тилдеги түгөйүн, же болбосо тилде активдүү колдонулуп жүргөн синонимин гана көрсөтүп коюга туура келди. Мисалы:

**ЖУБАЛДЫЗ** *диал.* Темене.
**ОРГОК** *диал.* Орок.
**БӨРҮ** Карышкыр.
**КАРЫШКЫР ...**

14. Кээ бир туунду сөздөрдүн (көбүнчө зат атооч сөздөрдөн жасалган сын атоочтордун) кайсы сөздөн келип чыккандыгы эч талашсыз болуп жана мааниси да кошумча түшүндүрүүнү талап кылбаса, андай сөздөрдүн түшүндүрмөсү ошол негизги сөзгө шилтөө аркылуу берилди. Мисалы:

**РАЙОН...**
**РАЙОНДУК** район дегенге таандык.

**Стилдик белгилер**

15. Стилистикалык мүнөздөмө берүү жагы бул сөздүктө төмөнкүдөй эки түрдүү жол менен ишке ашырылды: а) стилистикалык өзгөчөлүгү, колдонулуш сферасынын чектүүлүгү менен айырмаланып турган сөздөргө, ошондой эле диалектизмдерге, белгилүү бир кесипчиликке, динге ж.б. байланыштуу сөздөргө тиешелүү стилистикалык белгилер коюлду; б) эгерде мындай белгилер коюлбаган болсо, анда сөздөрдүн жогоркудай стилистикалык өзгөчөлүктөрү алардын маанисине карата берилген түшүндүрмөнүн өзүндө эле кошо чагылдырылды.

16. Сөздүктөгү стилистикалык жактан мүнөздөлүүгө же лексиканын кайсы

түрүнө жатарын (диалектикалык лексикагабы же терминологиялык лексикагабы ж.б.) аныктап көрсөтүүгө тийиш болгон сөздөр же сөз маанилери үчүн атайын шарттуу белгилер колдонулду. Мисалы: *сүйл.* – сүйлөшүүдө же оозеки речте колдонулуучу сөздөр үчүн, *эск.* – эскирген сөздөр үчүн, *өт.* – өтмө мааниде айтылган сөздөр үчүн, *диал.* –диалектилик лексикага жатуучу сөздөр үчүн алынган белги.


**Иллюстрациялык материалдар**

17. Сөздүктө мисалдарды берүүнүн жолдору төмөндөгүдөй: а) Сөздүккө алынган сөздөрдүн маанилерине карай тиешелүү мисалдар келтирилет, бул мисалдар көркөм адабияттан, элдик оозеки чыгармалардан, публицистикалык, илимий-популярдык жана коомдук саясий мүнөздөгү материалдардан алынып, сөздүн маанисин, стилистикалык мүнөздөмөсүн ачып көрсөтүүгө жардам берет; б) Иллюстрациялык материалдар эки түрдө: – көркөм адабий чыгармалардан, мезгилдүү басма сөздөн ж.б. алынган цитата түрүндө; – адабий тил үчүн кеңири мүнөздүү болгон сөз айкашы, сөз тизмеги түрүндө келтирилди; в) Этиш сөздөрдүн мамиле категориясына, кыймыл атоочтук формасына жана колдонулушун мисалдар аркылуу ырастап көрсөтүү зарылдыгы болбогон терминдерге же айрым бир сөздөргө, туруктуу сөз айкаштарына мисал бербестен алардын грамматикалык же лексикалык маанилерин жөнүнчө гана аныкташка туура келди; г) Ыр түрүндөгү мисалдардын ар бир сабы өз алдынча жаңы жолдон башталып берилбестен, бири-бирине удаалаш жазылды.

## КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ

| Тамгалар | Тамгалардын аттары | Тамгалар | Тамгалардын аттары |
|---|---|---|---|
| Аа | а | Пп | пэ |
| Бб | бэ | Рр | эр |
| Вв | вэ | Сс | эс |
| Гг | гэ | Тт | тэ |
| Дд | дэ | Уу | у |
| Ее | е/йэ,э/ | Үү | ү |
| Ёё | ё/йо/ | Фф | эф |
| Жж | жэ | Хх | ха |
| Зз | зэ | Цц | цэ |
| Ии | и | Чч | чэ |
| Йй | ий | Шш | ша |
| Кк | ка | Щщ | ща |
| Лл | эл | Ъ | ажыратуу белгиси |
| Мм | эм | | |
| Нн | эн | Ыы | ы |
| Ңң | ың | Ь | ичкертүү белгиси |
| Оо | о | | |
| Өө | ө | Ээ | э |
| | | Юю | ю/йу/ |
| | | Яя | я/йа/ |

# ЭЛДИК КАЛЕНДАРЬ



# А

**А I** Алфавиттин биринчи тамгасы.

**А II** Ал деген жактама же шилтеме ат атоочтун кыскарган түрү. *Толкун кыял кээде жокко урунуп, А да кетер сызып тоонун желиндей* (Нуркамал). *Ай балтачан жалгыз көз, А да кирди камынып* («Манас»). *А күнү катын Айчүрөк, Алп уйкуну салды эми* («Семетей»). **А болду, бу болду.** Эмне болгону белгисиз деген мааниде.

**А III** Карама-каршы мааниде айтылган сүйлөмдөрдү байланыштырат. *Жолдошторум жөнөп кетти, а мен үйдө кала бердим* («Ала-Too»). *Чоордун ичин караса, жыгач сыяктуу, а сырты такыр түшүнүксүз бирдеме* (Жантөшев).

**А IV** 1. Кимдир бирөөгө кайрылгандык, чакыргандык маанилерин билдирет. *А, айланайындар, ырас айтасыңар* (Турусбеков). *А, Жылдызкан! Кайда кетти дагы жылт коюп* (Байтемиров). 2. Таң калгандык, өкүнгөндүк, наарazy болгондук сыяктуу ички сезимди билдирүүдө колдонулат. *А, катүгүн, көрүнсө кана!* (Айтматов). – *А, ошондойбу? – деп, Түнкатар катты ачып окуй баштады* (Жантөшев). 3. Туура табуу, ылайык көрүү, макул болуу маанисинде айтылган «мейли», «болуптур» деген сыяктуу сөздөргө кошулуп, күчөтүү маанисин билдирет. *А мейли, мен макул эле болоюн* («Ала-Too»). *А болуптур, кетсең кете бер* («Жаш ленинчи»). 4. Ырастоо, күчөтүү, кекетүү маанисинде колдонулат. *Ойбой, ушундай ачуу болот экен а! Тим эле куйкалап кетти* (Абдукаримов). *Силерге менин каным керек эмес, дүнүйөм керек а!* (Токомбаев).

**А V а дегенде** Биринчи иретте, баарынан мурда, эң оболу, башында, эң алгач. *А дегенде жылкы алдык, Аттансак кандай баатырлар Калмакка эми бармакка* («Эр Табылды»). А *дегенде ал ичкич Мекемеден куулат* (Шүкүрбеков). *Кайыр а дегенде түшүнгөн жок* (Токомбаев).

**А-БУ ДЕ** 1. Көңүл үчүн, сый үчүн тийиштүү кеп айтканга жароо, жөн-жайды баян этип, бирдеме деп айтуу. *Жанында тургандардын бирөө да а-бу дегенге жараган жок* (Бейшеналиев). 2. Кой-ай деп коюу, койдуруу, жөнгө келтирүү үчүн бирдеме деп айткан болуу. *Тигинин өпкөсүн көптүрбөй а-бу деп койсоңорчу* («Ала-Too»). *Асылкан аны эптеп алдап-соолоп алып кетүүгө аракеттенейин деди, а-бу деп айткандары анын кулагы-на кирбесине көзү жетип тим болду* (Өмүрбаев).

**А-БУ ДЕГЕНЧЕ** Бат эле, тез эле, ары-бери караганча. *А-бу дегенче жайкы каникул башталып, ар кимиси бет-бетинен таркашты* (Борбиев). *Ааламга жарык күйүп, элдин көзү ачылганда, экөөбүз а-бу дегенче, карылыктын кирип келгенин көр, өтүп бара жатабыз* (Егиналиев).

**А-БУ ДЕШИП КАЛУУ** Жаман-жакшы айтышып калуу, өйдө-төмөн тартыша кетүү. *Жеңем экөөбүз а-бу дешип калдык. Болорболбос жерден а-бу дешип, таарынышып жүрөбүз* («Бишкек Шамы»).

**А ДЕДИРБЕЙ** Ооз ачырбай, илгиртпей, оoздон кеп чыга электе. *Илбериңкилигин айт! Келери менен чечинип ийип, а дедирбей казан-аякка аралашып чимирилип жүрдү* (Өмүрбаев).

**А ДЕП** Эң алды менен, ириде, а дегенде. *А деп көргөндөгүдөн алда канча өзгөрүп калыптырбы?* («Ала-Too»). *А деп эле Абазга нан, майлуу чөбөгө бир келтирилди* (Таштемиров).

**А ДЕСЕ, Б ДЕЙТ** Такыр эч нерсе түшүнбөйт, оң айтса, тескери айтат, колунан эч нерсе келбейт.

**А ДҮЙНӨ** Диний ишеним боюнча: адам өлгөндөн кийин жашоочу экинчи дүйнө, өлгөн адамдын түбөлүк жайы. *А дүйнө кеткен аткең, Мекен кылган жай ошол* («Манас»). *Айрыкча бугу уруусунан кадырлуу кары а дүйнө кетсе, анын кара ашы, чоң ашынын кызматы Момундун мойнунда* (Айтматов). **В.: О дүйнө.** *О дүйнө сөзүң козгойсуң* (фольк.). **Тиги дүйнө.** *Тиги дүйнө жөнүндө сөз болсо, Корчунун жообу бирөө эле: «Бара көрөбүз»* (Токомбаев). **Чын дүйнө.** *Кыяматты тозокту көрбөй калдым, жан кайним, Барган жан келгис чын дүйнө Барбай келдим, жан кайним* («Сейтек»).

**А ДЭЭРГЕ АЛЫ КЕЛБӨӨ** 1. Абдан чарчап-чаалыгуу, шайы кетүү, дарманы калбоо. *Кече эле а дээрге алың келбей, Улуу-Каганга качып барган сен эмес белең?* (Көчкөнбаев). 2. Абдан сүйүнгөн, ыкшып катуу

күлгөн же солуктап аябай ыйлаган абалда болуу. *Куйручуктун жоругун көрүп тургандар а дээрге алдары келишпей боорлорун тытып күлүшөт* (Бектенов). *А дээрге алы келбей солуктайт* («Чалкан»). **В.: А дээрге алы калбоо.** *А дээрге алы калган жок, Азыр өлсө, арман көп* («Эр Төштүк»).

**АА I** Таң калгандыкты, өкүнүчтү, наараазы болгондукту же бир нерсе эске түшө калышын билдирүүдө колдонулат. *Аа, айланайындар, ырас айтасыңар* (Турусбеков). *Аа, Берди үкемсиңби? Түзүк, түзүк...* (Жантөшев). *Аа, катуугун, анысын билген эмес турбайымбы!* («Ала-Тоо»).

**АА II** Оозду кең ачуу абалын билдирүү үчүн колдонулат. *Күркүрөп атаң аа десе, Күрөк-күрөк кан кеткен* («Манас»).

**АА III** *сүйл.* Ага («ал» деген ат атоочтун барыш жөндөмөдөгү формасы). *Төлөйүн десем, аа жетерлик каражатым жок* (Байтемиров). *Ашык сүйлөп аа чейин, Шылдың кылып күлдүң сен* (Токобаев).

**ААЛАМ** 1. Бүткүл дүйнө жүзү, галактика. *Ошол таңда ааламдын эгеси жарыктык Күн дагы өзгөчө бир толуп-ташып, бийик тоонун кырынан керемет сындуу, кандайдыр башкача тирелип чыкты* (Акматов). *Айт, айт десе, ааламды айт, Аалам алга кадамдайт* (Барпы). *Айтматовдой Аалам сөзүн ким жазды, окуганга дүйнө эли бат шашты* (Акматалиев). 2. Бүткүл жер жүзү. *Ааламга топон суу келсе, Асырап турган көп элди, Көтөрүп алчу кемеге* («Семетей»).

**ААЛАМДАН АШКАН** Абдан мыкты, чыгаан, дүйнөдө жок, өзүнө тендеши жок. *Ак кочкор бала шер, – деди, Ааламдан ашкан эр, – деди* (Тоголок Молдо). *Ааламдан ашкан ырчы экен.*

**ААЛАМДЫ БУЗУУ** Чаң-тополоң чыгаруу, уйгу-туйгу, будун-чаң кылуу. *Атаңдын көрү, Сыргак ай, Ааламды бузган чунак ай* («Манас»).

**ААЛАМДЫ БУЙ КЫЛУУ** Чак-челекейин чыгаруу, астын-үстүнө келтирүү деген мааниде. *Ааламдын баарын талкалап, Буй кылганда өлбөдүм* («Манас»).

**ААЛАМДЫК** Сансыз, эсеп жеткис, аябагандай көп. *Ааламдык дилде, сансыз мүлк, Алымына бересиң* («Сейтек»).

**ААЛИМ** Окумуштуу, окумал. *Аман тирүү жан койбой, Аалимине заң койбой* («Манас»). *Жалгыз туяк өзүнөн түзүгүрөөк аалим болсун деп, андан соң Кокондогу Түнкатар медресесинен таалим көрсөтөт.* (Касымбеков).

**ААЛЫ** 1. Жогорку даражалуу, жогорку даражада турган адам. 2. Энчилүү ат. 3. *диал.* Темир така. *Аалы така кең өтүк, Баскан экен Күлчоро* («Семетей»). *к.* **наалы.**

**ААЛЫ ЖАНАП** Даражалуу таксыр; улук даражалуу (илгери заманда акимдерге, кандарга карата айтылуучу сөз).

**ААМЫЯТ** *эск.* Маани, мазмун. *Аамыяты жок.*

**ААР I** Наар, тамак-аш.

**ААР II:** ***аардуу*** Сыйлуу, таза, жаңы. *...төрүнө аардуу төшөк жайып тосуп төрлөттү Шааке айым* (Касымбеков).

**ААРЧУУ аарчы** этишинин кыймыл атоочу.

**ААРЧЫ** 1. Бирдемеге жуккан кирди же башка нерсени сүртүп тазалоо, кетирүү. *Бурма Сатылгандын оозун жоолугунун учу менен аарчып, Калтабайга даттангансыды* (Токомбаев). *Териңди аарчып жүргүн деп, Канакей жоолук бергениң* (Турусбеков). 2. Бир нерсенин кабыгын сыйыр, кабыгынан ажыратып тазала. *Жылдызкан заматтын ортосунда пияз, сабиз аарчып туурап жиберди* (Байтемиров). *Жүгөрү аарчып отурам, атам ишине кетти* (Касымбеков).

**ААРЧЫЛ аарчы** этишинин туюк мамилеси. *Сабиз, пияздардын аарчылган кабыктарын сыртка алып чыкты* (Абдукаримов).

**ААРЧЫН аарчы** этишинин өздүк мамилеси. *Анар бети-колун аарчынып, дүкөндү жапты* (Абдукаримов).

**ААРЧЫТ аарчы** этишинин аркылуу мамилеси. *Кызылча аарчытайын деп жардамга алып бараткан экенсиз да* («Ала-Тоо»).

**ААРЧЫШ аарчы** этишинин кош мамилеси. *Кызылча казып, аарчышып, Кылышсаң боло жумушту* (Осмонкул).

**ААРЫ** Өсүмдүктөрдүн гүлүнүн ширесин соруп жашаган, чакса уусу бар чымын-чиркейлердин бир түрү. *Жыпар береги аары коно калган каакымдан көзүн албады* (Сыдыкбеков).

**ААРЫНЫН УЮГУНА КАТЫЛУУ** *к.* **аарынын уюгуна тийүү.**

**ААРЫНЫН УЮГУНА ТИЙҮҮ** Бирөөнүн каарына калуу, чатак ишке кабылуу. *Бабаевдин кылмыштуу кылыктарын газетага жазып коебуз деп кабарчылар аарынын уюгуна тийип алышкан экен* («Советтик Кыргызстан»). – *Кокуй! Өлтүрүп алба! Аарынын уюгуна тийбедиңби?* (Үмөталиев). **В.: Аарынын уюгуна катылуу.** *Бул аарынын уюгуна көп катылбай жүр, балам* (Абдукаримов). **Жыландын уюгуна тийүү.** *Мен силерге дайыма этият болгула, жыландын уюгуна тийбегиле! – деп келатам* (Абдукаримов).

**ААРЫНЫН УЮГУНДАЙ** 1. Абдан уудуу болгондой, ызы-чуусу, кыжы-кужусу көп. *Залдын ичи аарынын уюгундай кыжылдайт* (Баялинов). 2. Башаламан, иретсиз, бөөт-чөөт, *Аарынын уюгундай болгон үйлөр.*

**ААСЫ** 1. Күчсүздүк, пенделик, билимсиздик, начарлык, алсыздык, кээде түр-

көйлүк 2. *өт.* Наадандык маанилерин туюнтуу үчүн пайдаланыла берет. Оозеки кепте – созулма үндүү менен да (аасы) кыска үндүү менен да айтыла бериши мүмкүн. – *Аасылык болор мунуңуз* («Манас» С.О.).

**ААЧЫ** *диал.* Аарчы.

**АБ** Айрым сырдык сөздөргө (бали, баракелде) кошулуп, күчөтүү маанисинде колдонулат: *аббали, аббаракелде.*

**АБА I** 1. Жалпы эле улуу эркектер; аларга ызааттап кайрыла турган сөз. *Асан абам андан эчтеме болгон жок* (Токомбаев). 2. Өзүнөн улуу эркек бир тууганы, аталаш агалары («байке» деген мааниде). – *Мендирман абам! – деди да, бала тышка чуркады* (Жантөшев).

**АБА II** 1. Көбүнчө азот менен кычкылтектин кошундусунан туруп, жердин атмосферасын түзүүчү газ сыяктуу зат. *Таза абада жүрсөң, көңүлүң ачык болот, эч жериң оорубайт* (Абдумомунов). *Түн ортосу, аба салкын, ай жарык* (Алыбаев). 2. Асман мейкиндиги, көк. *Балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып, абага көтөрүлдү* (Сыдыкбеков). *Абада куштай айланган, Учкуч болуп алсакпы* (Барпы). 3. Климат. *Абасы салкын, атыр жел, Ак кардуу жайык жерде экен* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АБА ПОРТУ** Самолёттор, вертолёттор ж.б. токтоп жана уча турган атайын жабдылган орун, аба транспортунун ири станциясы.

**АБА ФЛОТУ** Учуучу аппараттардын жалпы тобу, авиация.

**АБА ЫРАЙЫ** Атмосферанын абалы (булуттуулугу, нымдуулугу, жаан-чачын болуу же күндүн ачык туруу абалы, абанын температурасы ж.б.). *Аба ырайы жакшы эле, булуттан чыккан күн ачуу тийип, кайра жашырынып кеткиче жерди нымшытып, нымтыраган буу көтөрөт, нымдуу аба жаз жытtанып турат* (Айтматов).

**АБАГАЙ** Атанын агасы, жакын ага. *Э, калпымды билгенде эмне, уялгыдай эмне атамдын абагайы беле бу?!* (Касымбеков). *к.* **абыгый.**

**АБАД** *к.* **абат.**

**АБАЖААРЫ** Жалпы бардыгы, бүт тобу менен обдулгандай, умтулгандай аракетте болуу. *Элдин бардыгы абажаарып, экөөнө карашат* (Жантөшев).

**АБАЖУР** Жарыкты топтоп чагылдыруу үчүн лампанын үстүнө кийгизилүүчү калканч. *Жарык сыркоо кишиге түшпөсүн үчүн абажурдун бир четине кагаз илип коюптур* («Ала-Тоо»).

**АБАЖУРЛУУ** Абажуру бар, абажур кийгизилген. *Саргыч абажурлуу чырак бөлмө ичин тамылжытат* (Байтемиров).

**АБАЗ** Үн, добуш. *Комуздан абаз чыкпайт, кыл болбосо* (Барпы). *Сүйлөгөнүң булбулдун Абазындай Паризат* (Токомбаев).

**АБАЙ I** Сактык, этияттык, байкагычтык, абайлай билгендик. *Сылык мүнөз, өткүр көзү жигиттин, Эрксиз мени абай менен каратты* (Токомбаев). *Абай кылып караса, Атырдай жыттуу жер болуп* («Семетей»).

**АБАЙ II** *туурасы:* **абайы.**

**АБАЙЛА** 1. Сак болуу, этият болуу, көңүл буруп байкоо. *Биринен бири шек санап, биринен бири абайлап паңсаттар нестейди* (Касымбеков). *Кылдаттык менен абайлап, Жоонун сырын алгыла* («Мендирман»). 2. Токтой тур, күтө тур. *Бир азга абайлай турсаң, келип калар* («Ала-Тоо»).

**АБАЙЛАГЫЧ** Алды-артын байкап иш кылган, кыраакы, сак, этият. *Айыптуумун, мындан кийин абайлагыч болоюн* (Каимов).

**АБАЙЛАГЫЧТЫК** Алды-артын байкап иш кылуучулук, кыраакылык, сактык. *Абайлагычтыктын пайдасы көп.*

**АБАЙЛАН абайла** этишинин өздүк мамилеси. *Аста басып, абайланып, Тура турчу, сулуу кыз* (фольк).

**АБАЙЛАТ абайла** этишинин аркылуу мамилеси. *Абайлатпай чаап кал, Артка тарткан кежирин* (Осмонов).

**АБАЙЛОО абайла** этишинин кыймыл атоочу. *Иштин алды-артын абайлоо керек эле* («Ала-Тоо»).

**АБАЙСЫЗ** Байкоосуз, этиятсыз, абайлабастан, сактык кылбастан. *Абайсыз карматып койдум, ээ!* («Ала-Тоо»).

**АБАЙЫ** 1. Көбүнчө үртүк, ат жабуу. 2. Көрпөчө жасала турган кымбат баалуу калың материал, кездеме. *Абайы көпчүк. Абайы үртүк жаптырган, Аземдүү тумар тактырган, Аргымактан бир канча* («Манас»).

**АБАЙЫ ЖАБУУ** Жибек, жабуу, коолоп саймалаган ат жабуу деген мааниде колдонулат. *Агарып чатыр көрүнөт, Асмандан түтүн бөлүнөт. Абайы көпчүк, ак быштаң, Аргымак аттар көрүнөт* («Семетей»).

**АБАЙЫМДА** Асман. *Гана секетим, тап гой, Абайымда айтоо, төбөйлөйдө төйтөө* (Абакиров).

**АБАК** Күнөөлүүлөрдү расмий камай турган жай, түрмө. *Желкеңерден басып койгон таш сымал, Абактарда ак жеринен жаттыңар* (Мамеев). **к.** ***набакты.***

**АБАКЕ** 1. Өзүнөн улуу эркек адамга ызаат менен кайрылуу формасы. *Жана сиз сүйлөшкөн сөздү Санькага айткан жосузбу, абаке? – деп сурады* (Абдукаримов). *Азоо кулундардан эки-үчөөнү мен дагы үйрөтүүгө жардам бергим келет, абаке* («Жаш ленинчи»). *Абакеси эр Бакай, Ар деме бар нээтинде* («Манас»).

**АБАКЕЛЕ** Жалпы эле өзүнөн улуу кишилерге же абасына «абаке» деп кайрылгандык. *Абакелеп артынан калбай ээрчип алды* («Ала-Тоо»). *Абакелеп жалынып, Неге*

*алдыма келбеди* («Мендирман»). Өзүнөн улуу кишиге, абасына өкүргөндө «абаке» деп айтып ыйлоо. *Абакелеп өкүрүп келди.*

**АБАКЕЛЕТ абакеле** этишинин аркылуу мамилеси. Бирөөлөрдү тизе бүктүр, жалынт маанилеринде айтылат.

**АБАКЕЛӨӨ абакеле** этишинин кыймыл атоочу.

**АБАККАНА** *сүйл.* Абак, түрмө. *Оштун абакканасында айылдын айыпсыз абышкалары жатат* (Абдукаримов).

**АБАКТЫ абаккана** менен бирдей.

**АБАЛ I** 1. Турмуш шарты, иштин, күндөлүк тиричиликтин ж.б. жөн-жайы, жалпы ал-жайы. *Алтынбектин абалы да мениКинен жакшы эмес* («Ала-Тоо»). *Иван Алексеевич, абалыбыз ушул, бир кырсыктан аман калдык* (Сасыкбаев). 2. Нерсенин белгилүү бир шарттагы көрүнүшү, турган турушу. *Заттын газ түрүндөгү абалы.* 3. Отурган-турганы же башка бир көрүнүшү боюнча белгилүү калыпта болгондук. *Жаагын таянган абалында көпкө чейин ойлонуп отурган жигит бир кезде мага карай көз чаптырып калды* («Ала-Тоо»). 4. Оорулуу адамдын ал-жайы, шайы. *Ажардын абалы күндөн күнгө начарлады* (Жантөшев). 5. Коомдук-саясий мамилелердин жалпы көрүнүшү, коомдук турмуштун шарты. *Эл аралык абал. Өлкөнүн экономикалык абалы.* 6. Чама-чарк, даремет. *Ар бир саптын баркына, Абалыңды көр сынап* (Байзаков).

**АБАЛ II** А дегенде, баарыдан мурда, оболу. *Абал берериңди айт* («Ала-Тоо»). *Эң абал муну иштейли, андан соң ага да кезек келет* (Абдукаримов).

**АБАЛА I** Өзүнөн улуу эркек бир тууғандарга (байкелерге), жалпы эле өзүнөн улуу эркектерге «аба» деп кайрылуу. *Аркасынан балдар абалап чуркап жүрүшөт.*

**АБАЛА II** Тынбай үрүү (итке карата). *Иттер абалап чуркап жүрүшөт* (Абдукаримов). *Анда-санда абалап жүргөн иттердин үнү болбосо, айыл ичи адаттагыдай таттуу уйкуда* («Кыргызстан аялдары»).

**АБАЛАК** Ордо оюнунда колдонулуучу мүйүздөн жасалган төрт бурчтуу чүкө аткыч. *Абылгазы жакшы атат экен, канды абалак менен бир чертип гана чыгарып кетти.*

**АБАЛАТ абала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АБАЛДАН оболтон** менен бирдей. *Абалдан берки иш. Айтканы эстен чыгабы, Жеңе, абалдан көңүл сүйгөндүн.* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АБАЛКЫ** 1. Илгери өткөн замандардагы, байыркы. *Абалкылар кармаган, Асадан кантип танамын* (Барпы). 2. Мурдагы, баштапкы; мындан мурунку. *Абалкыдай алың жок, Арманың айтып жатамын* (Жеңижок). *к.* **оболку.**

**АБАЛОО абала** этишинин кыймыл атоочу.

**АБАЛТАДАН абалтан** менен бирдей. *Жаш бала эмес, чоңдор көрсө алаңдаар, абалтадан айбаттуу жер Жаман-Жар* (Өмүрканов).

**АБАЛТАН** Мурдатан, илгертен, илгерки убактан. *Алма-Конуш, Кыз-Коргон, Ак калпак кыргыз элиме, Абалтан бери туш болгон* (Жеңижок). *к.* **оболтон.**

**АБАН** *диал.* обон.

**АБАРАЙЫ** *туурасы:* **аба ырайы.**

**АБАТ** 1. Эл орношкон, берекеси жайнаган жер. Барган жерин кулпунтуп, Абат кылат аккан суу (Жеңижок). 2. Орду, теги. *Абаты бышык болсун деп, Алты жүз катын жыңайлак* (Дүйшеев).

**АББАЛИ** Ыраазылык, кубангандык менен алкоо. *Аббали, ушундай болот эле дейм да* (Жусубалиев).

**АББРЕВИАТУРА** 1. Кыскартуу жолу менен түзүлгөн татаал сөздөр (мисалы: БУУ, ИИМ, боршайком, райатком). 2. Жазууда сөздөрдүн кыскартылып колдонулушу (мисалы: ж.б. – жана башка, д.у.с. – дагы ушу сыяктуулар, ж. – жыл).

**АБДААРЫ** Шашкалактап, карбаластап, эмне кылаарды билбей калуу. *Жаркымбайдын абдаарый түшкөнүн байкап, Чаргынов торой чалды* (Турсунов).

**АБДАГА** Аңчылык кылуу деген маанide. *«Эки-үч апта ат жалын тартып минген да, той-ашка, ит агытып, куш салганы абдага барган да, таң-тамашаны көргөн да жок»* (Субанбеков).

**АБДАЛ** *диал.* **абзал** менен бирдей.

**АБДАН** Өзүнөн кийин келген сөздүн маанисин күчөтүп көрсөтүү үчүн колдонулат. *Абдан жакшы, абдан жакшы деп ичинен алкап турду* (Усубалиев). *Бекен акыркы күндөрдө абдан зериккен эле* (Каимов).

**АБДЕСТЕ** *диал.* Бети-колду жууш, колго суу куюш үчүн колдонулуучу мойну ичке, чоргосу узун чөөгүн. *Бекжан абдесте менен чылапчынды алып келип, меймандардын колуна суу куйду* (Абдукаримов). *Алты абдесте суу менен жууп коёт турбайбы* («Эл адабияты»).

**АБДЫРА I** *эск.* Чоң сандык. *Чындырмалуу көөкөрдү Абдырадан алалык* («Манас»).

**АБДЫРА II** Корккондон, шашкандан айла кетип эмне кыларды билбей калуу, далдыроо, калтааруу. *Тихонов абдырап шашкан бойдон катты бир эмес, үч кайталап окуп жиберди* (Жантөшев).

**АБДЫРАКАЙ** *диал.* Быт-чыт. *Бу ойдун заматта абдыракайын чыгарды.*

**АБДЫРАТ абдыра II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АБДЫРОО абдыра II** этишинин кыймыл атоочу.

**АБЖАЛ** Көркүнө чыгып кулпунуп өсүү.

*Арыктагы суунун шарапаты менен абжалып, жашаң дагы кайрадан өсүптүр* (Таштемиров).

**АБЖАШИК** Корукчу. *Таенеси жүрөт жутуна кол сунуп, бу кордондун баштыгы, абжашик Орозкулдун зайыбы Бекей таежеси турат көзү менен малды териштирип* (Айтматов).

**АБЖЕ** *диал.* Абиже. Өзүнөн улуу аял бир тууганы (деги эле улуу аял тууганы); эже.

**АБЖИП** *эск.* Ырым-жырымга ишенген адамдардын түшүнүгү боюнча көңүлсүнбөй, бой сунбай койгон эркектерди же аялдарды өзүн жакшы көрсөтүү, көңүлүн өзүнө имерүү, сүйдүрүү максатында иштелген амал, сыйкырлоо, дубалоо жолу. 2. Ошол сыйкырлоодон, дубалоодон болгон оору.

**АБЖИРЛИК** Шамдагайлык; колунан ар кандай иш келген эпчилдик. *Абжирлик кылып жете барып, желкеден алды* (М.Үсөн).

**АБЖӨР** Амалдуу, куу, шылуун. *Кайран түлкү абжөрүң Казы байлап семирди* (Тоголок Молдо). *Ал аңгыча бул элден Абжөр кемпир чыкты эми* (Эл ырлары).

**АБЖӨРЛҮК** Амалдуулук, куулук, шылуундук.

**АБЗАЛ** Курал, жабдык, шайман. Өтпөй калат кесерге, Абзалың сынса сабыдан (Жеңижок).

**АБЗАЦ** 1. Жазууда жол башынан оң жакка карай бир аз чегинип эки-үч тамганын ордунчалык же андан бир аз көбүрөөк орун калтырып жазуу ыкмасы. 2. Ошондой орун калтырылып жазылган эки аралыктын ортосундагы текст. *Динар кээде эрдин булкулдөтүп, айрым абзацтарды окуп калат* (Сыдыкбеков).

**АБЗЕЛ I** Туура, ылайык, жакшы. *Аял кишинин бала бакканы абзел эмеспи?* («Кыргызстан аялдары»). *Кезек жеткиче аркы беркини сүйлөшүп, кеп салышып отуруу, абзел эмеспи* («Чалкан»).

**АБЗЕЛ II абзал** менен бирдей.

**АБЗЕЛ III** *эск.* Манас баатырдын зампирегинин аты.

**АБИГЕР ЧЕГҮҮ.** *к.* **Абыгер чегүү.**

**АБИД** Такыба, сопу, дин жолунан чыкпаган.

**АБИЖЕ** Эже; улуу бир тууган же атасы менен бир тууган аял кишиге карата айтылар тууганчылык сөз. *Абижеңден жөнөттүм, Кабыл ал энди, гөзөл кыз* («Эл адабияты»).

**АБИЙ** Көгүлтүр, ачык көк, жашыл өңдүү түс; суу түстүү («аб» – «суу»). *Абий көздүү кийиктин, Улагындай мөлмөлүм* (Эл ырлары).

**АБИЙИР** 1. Жеңиштүү, ийгиликтүү иштердин, эрдиктердин аркасында ээ болгон атак-даңк, наам. *Мына, эмки жарышта боз ат чыкса, бүткүл райондун абийири эмеспи!* (Каимов). *Абийир алып жеңиш менен келгиле! – деген үндөр* (Жантөшев). 2. Уят, ынсап, ийменгендик, ызаат кылгандык. *Абийири жок. Абийири бар жигиттер бул тамашаны көрбөй эле өтсүн* (Сыдыкбеков). *Жаркын... ага тийишкен кишидей болбосоң деп, абийир сактады* (Убукеев). 3. *өт.* Адамдын жыныс органы, жан жери, уяттуу жери. *Абийириңди жап. Абийирдин баары ачылып жүргөндөн көрө, ушул эски-ускуну кийишет* (Абдукаримов). *Алаадан айрып албайбы, Абийириң журтка көрсөтүп, Уят кылып койбойбу* («Манас»).

**АБИЙИРДҮҮ** 1. Абийири бар, абийир сактаган, уят-сыйыттуу. *Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат* (макал). *Абийирдүү келин экен, болбосо мени элдин көзүнчө катуу уяткарып коет эле* («Ала-Too»). 2. Ар-намыстуу, айтканына бек турган. *Исмаилованын звеносу берген убадасын абийирдүү аткарды* («Кыргызстан аялдары»). *Элдин ишеничин абийирдүү аткара бил* (Бейшеналиев).

**АБИЙИРДҮҮЛҮК** Абийир сактагандык, уят-сыйыттуулук, ар-намыстуулук. *Адамгерчилик, абийирдүүлүгүңөр үчүн ыракмат, балдар!* (Жантөшев). *Берген убадабыз абийирдүүлүк менен аткарылат* («Ала-Too»).

**АБИЙИРИ ЖАБЫЛУУ** Жаман кылык-жоругу билинбей калуу, уяты чыкпоо, женишке жетишүү (мелдеш, жарыштарда). *Абаке, – деди Курман мени карап, – абаке, атыбыз чыгып, абийирибиз жабылды* (Баялинов).

**АБИЙИРИ ТӨГҮЛҮҮ** Абдан уят болуу, айыбы ачылуу, маскара болуу. *Ырыскулбектин балдары эл алдында ырчынын кебине ууГуп, абийири төгүлүп, бирок култүйгөн пристав төрөнүн сүрүнөн өтүнө алышпай кайсактап турушат* (Касымбеков). *Абийриң минтип төгүлүп жүргөндөн көрө, каныңды ичсеңчи!* (Жусупов). **В.: Абийири айрандай төгүлүү.** *Жаки кудук жеринен сураса, осолдугу мындай турсун, абийири айрандай төгүлмөк экен* (Бейшеналиев). *Сыйыңар менен көзүмө көрүнбөй азыр жоголгула, а болмоюнча, чачыңар жулунуп, бетиңер тытылып, абийириңер айрандай төгүлөт.* (Борбиев). **Абийири аштай төгүлүү.** *Элге-журтка абийирлери аштай төгүлүп, шермендедери чыкмак болду* (Бөлөкбаев). **Абийири күлдөй төгүлүү.** *Ушунча журттан менин жалгыз келиниме асылгандыгы үчүн, анын абийири күлдөй төгүлөт, – деп Зулайка ызырынды* (Медетов).

**АБИЙИРИН САТУУ** Атак-даңкты, ызаат, ынсап кылгандыкты эске албай ар кандай жаман жоруктарга баруу. *Антип абийирди сатып, акындыкты кордоп мокотконча, төбөлөшүп өткөнүм өйдө* (Бейшеналиев).

**АБИЙИРСИЗ** Уяты жок, уялбаган, абийирден ажыраган. *Абийирсизге арачы*

*болсоң, ар кайсы жериң томуйбайбы* (Жантөшев).

**АБИРЕ** *диал.* Кишинин уяттуу жери; абийир. *Эки жупту Жер дүйнөгө түшүрөр алдында биринчи абирени жап, экинчи «башты маң кылар, акылды тумандатар жемек жебегиле, ичмек ичпегиле» деген тура Жараткан...* (Касымбеков).

**АБИССАЛЬ** (түпсүз) Абиссаль зонасы – океан-деңиз түбүнүн эң терең (2 *км* ден төмөн) зонасы. Аянты 305 млн *км* 2 (дүйнөлүк океандын 85%, Жер шарынын 60% аянтын ээлейт).

**АБИТУРИЕНТ** 1. Орто мектепти бүтүрүп жаткан окуучу; бүтүрүүчү. 2. Жогорку окуу жайына кирүүчү. *Быйыл абитуриенттер көп келген жок* («Кыргыз Туусу»).

**АБЛИЛ** Олуя. *Мен бардым деп кайгырба, Аблиллар жаткан жер* («Эл адабияты»).

**АБОНЕМЕНТ** 1. Белгилүү мөөнөткө чейин бир нерседен пайдалана алуу укугу. 2. Ушундай укукту далилдей турган документ. *Китепкана аралык абонемент.*

**АБОНЕНТ** Абонементи бар адам. *Телефондук байланыштын абоненти.*

**АБОРИГЕНДЕР** *ж.с.* **абориген**. Өлкөнүн же белгилүү бир жердин жергиликтүү калкы. *Австралиянын аборигендери.*

**АБОРТ** Бойго бүткөн баланы төрөлөр маалына жеткирбей бойдон түшүрүү.

**АБРИКОС** Өрүктөн ирирээк кызгылтым сары түстүү мөмөсү бар, сөөк данектүү жемиш өсүмдүгү жана анын мөмөсү, *Короонун ичинде эки түп абрикос, бир түп шабдалы, үч түп жүзүм бар* (Жантөшев).

**АБРОЙ** 1. Кишинин бет түзүлүшү, өңү. *«Менин аброюмду чанат» деп ардыккан Адыке, балким, мууздатып салса да эрки* (Сыдыкбеков). 2. Кадыр-барк, атак, авторитет, абийир. *Бекназар байбачанын аброюн талашып жатып араң ажыратып чыктым* («Ала-Тоо»).

**АБСЕНТЕИЗМ** *саяс.* Шайлоочулардын массалык түрдө шайлоого катышуудан баш тартуусу же коллегиялык органдардын мүчөлөрү системалуу түрдө отурумда жок болуу.

**АБСИ** Өкүнүч, убайым. *Тойдо эл тарап жай-жайына кетти. Акмактык кылган экенбиз деп кан, убазир экөөбү абси жеди* («Эл адабияты»).

**АБСОЛЮТ** Идеалисттик философияда: дүйнөнүн түбөлүк, өзгөрбөс түпкү негизи, башталмасы (дух, идея); динде: кудай.

**АБСОЛЮТИЗМ** Жогорку бийлик бүт бойдон бир кишинин колуна топтолгон башкаруу формасы; самодержавие, чексиз монархия.

**АБСОЛЮТТУК** 1. Кандайдыр бир башка шарттарга байланыштырылбастан, салыштырылбастан өзүнчө алынган. *Калктын абсолюттук өсүшү.* 2. Толук, чексиз. *Абсолюттук тынчтык.*

**АБСОЛЮТТУК МОНАРХИЯ** Чектелбеген жеке бийлик.

**АБСОЛЮТТУК НӨЛ** *физ.* Мүмкүн болгон эң төмөнкү температура (–273,16°С).

**АБСОЛЮТТУК ЧЕМПИОН** Спорттун белгилүү бир түрүнүн ар кандай разряддары боюнча жүргүзүлгөн мелдеште бардыгынан көбүрөөк упайга ээ болгон спортсмен.

**АБСОЛЮТТУК ЧЫНДЫК** Келечекте төгүндөлбөй турган түбөлүк чындык.

**АБСТРАКТТУУ** Абстракцияга негизделген, конкреттүү эмес; жалпыланган. *Сөздүн абстракттуу мааниси. Абстракттуу түшүнүк.*

**АБСТРАКТТУУЛУК** Конкреттүү болбогондук, жалпылык.

**АБСТРАКЦИОНИЗМ** *иск.* Таанымал турмуш көрүнүштөрүн чагылдыруудан баш тартып, ал көрүнүштөрдүн алыстатылган символдук жышааналык белгилерине өзгөчө маани берип, абстрактуу формалык элементтерге кайрылуу ыкмасы.

**АБСТРАКЦИЯ** 1. Нерсенин маңыздуу жана мыйзам ченемдүү белгилерин бөлүп алуу максатында анын айрым бир жактарын, касиеттерин же байланыштарын ойдон чыгарып таштоо. 2. Жалпыланган түшүнүк, теориялык жыйынтыктоо.

**АБСТРАКЦИЯЛА** Нерселердин жалпы касиеттерин, мамилелерин бөлүп чыгаруу максатында конкреттүү белгилерден ой жүзүндө четтөө.

**АБСТРАКЦИЯЛОО** **абстракцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**АБСУН** *эск.* Сыйкырлап, башка кебетеге кубулта турган дуба (эпосто). *Кебетесин келтирип, Абсун окуп салыптыр* («Манас»).

**АБСУРД** Мааниси жок, сандырактык, келжирек.

**АБСУРДИЗМ** *иск.* Дүйнөнүн жалгандуулугун, болмуштун туруксуздугун, маанисиздигин сездирүү, чагылтуу ниетинде каармандардын эпсиз кылык-жоругун, түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон маанисиз фактыларды көрсөткөн XX кылымдагы искусствонун багыты.

**АБСЦЕСС** *мед.* Сезгенүүдөн пайда болгон органдардын же ткандын ириндеши.

**АБТАБАЧЫ** Ордодогу кызмат, хандын колуна суу куюучу.

**АБТОРОЙ** Бүткүл, бардыгы, жалпысы деген мааниде колдонулат. *Адамдык көрсөң ачык айт, Абторой журтка чачып айт* («Манас»).

**АБУ** Булут. *Илгери Манаке деген эсепчи айтчу экен: Кыш кыйын болордо, асмандан абу деген булут көрүнөт* (Эл сөзү).

**АБУ ЗАМЗАМ** Мекедеги мечиттин ичиндеги кудуктун аты. Ислам дининдеги адамдар аны касиеттүү деп урматтайт. *Абу замзам суусунан, Кепинине септирип*

(«Манас»).

**АБУЗ** Кол менен жасалган көлчө (бассейн).

**АБУУ** Дары болуучу, эм болуучу, айыктыруучу. *Кайнатма кара дарысын, Кырма кызыл абуусун* (Тоголок Молдо)

**АБХАЗДАР** *ж. с.* абхаз. Абхаз Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АБШЫР** 1. Тоо дарыяларындагы шаркыратма, шар агым, босого. 2. Агын суусу мол жер. Ноокат районунун аймагында Абшыр-Сай суусу, Абшыр-Сай шаркыратмасы бар. Суу асканы көзөп бийиктиктен шаркырап агып түшөт.

**АБЫГЕР ЧЕГҮҮ** Азап тартуу, кыйналуу, капа болуу, түйшүк тартуу. *Адыл аганын өзү айткандай, бирөөнүн кабагы бүркөлө калса, баары абыгер чегип, ошонун үстүнө түшө калышат* (Убукеев). **В.: Абигер чегүү.** *Ал ак кызматы үчүн алкыш алуунун ордуна запкы тартып, абигер чеге баштады* (Медетов).

**АБЫГЫЙ** *эск.* Эпостук чыгармаларда «абаке», «аке» деген мааниде колдонулат. *Куп тыңда менин сөзүмдү, Абыгый көрдүм көзүңдү* («Манас»).

**АБЫДАН** *туурасы:* **абдан.**

**АБЫЗ** Кудук, суу кудугу. *Суу аласың абыздан, Суканың ширин маңыздан* (Эл ырлары).

**АБЫЛГАЗЫ** Буурусундун тишин жерге терең батырып же көтөрүп, тайыз же терең айдашын тейлеп туруучу казыкча сыяктуу тетиги.

**АБЫЛЫП-ЖАБЫЛЫП** Жапырт башаламан каптап, бир жакты көздөй жабыла бет алып. *Абылып-жабылып шахтёрлор чуркап келишти* (Сасыкбаев).

**АБЫР-ДАБЫР** Көп нерсенин шашылыштагы кыймыл-аракетинен чыккан дабышы. *Динара үйдө дайым эгиз улакты ээрчиткенсип абыр-дабыр... секирип жүрчү* (Сыдыкбеков). *Абыр-дабыр ат минип, Аялдабай бат минип* («Манас»).

**АБЫСЫН** Бир тууганды же жакын тууган-туушкандын аялдары (булар бирибирине абысын болушат). *Настен кайта ашканага барып, абысынына кол кабыш кыла баштады* (Убукеев).

**АБЫСЫН-АЖЫН** Жалпы абысындар. *Апам абысын-ажындарын чакырууга кетти* (Жантөшев). *Айсалкын абысын-ажындар менен чыгышып, алардын баарын колуна алган* (Каимов).

**АБЫСЫНДУУ** Абысыны бар, абысыны көп. *Абысындуу келиндин ырысы бар* (Убукеев).

**АБЫШКА** Кары киши, чал, карыя. *Алишерди жанындай көргөндүн бири – жылкычы абышканын уулу Сулайман* (Маликов). *Абышка күрөгүнө жөлөнө кеп салды* (Сасыкбаев).

**АВ** Иттин үргөндөгү дабышын тууроодо колдонулат. *Балтек «ав» деп добуш салып да койду* (Сасыкбаев). *«Ав-ав» деп, ит көрсөттү тишин: Мен да ачкамын, аны менен жокпу ишиң?* (Борбугулов).

**АВАЗ** 1. Даңаза, даңк. *Жакшы киши эле деп, эл алиге чейин аваз кылышат* (Каимов). *Адам түгүл жакшы малды, жакшы буюмду да аваз кылат турбайбы* (Касымбеков). *Анжиян улук шаарга, Аваз болгон Дыйканбай* («Эл адабияты»). 2. Үн, обон, добуш, айың, даңаза, каңшаар. *Булактан көрүп чак түштө, Булбулдай аваз салгамын* (Барпы). *Тыктуу кылычка чыгып, ат ойнотуп жүргөн элеттин азаматтарына аваз кылып жатышты* (Касымбеков). 3. Шык, шыктуулук, умтулуу, шыктануу. *Биринчи окуган бала аябай мактаганы үчүн «окуп көрөйүнчү» деген гана аваз пайда болду менде* («Кыргызстан маданияты»).

**АВАЗКӨЙ** Шыктуулук, кумарлык. *Кабагын чытыйт да жымыят, мырзалык салтын коё бергиси келбей, жаштык авазкөйлүгүн өзү тыят* (Касымбеков).

**АВАЗМАН авазкөй** менен бирдей. *Нанга тоюп курсагым, Авазман болдум күрөшкө* («Эл адабияты»).

**АВАЛ** *туурасы:* **абал, акыбал, ал, обол, оболу.**

**АВАМ** Жөнөкөй, жупуну. *Ата-бабаларыбыз жуда авам калк болгон да* (Мукамбаев).

**АВАНГАРД** 1. Душманды бет алып кирген армиянын (же флоттун) негизги күчүнүн алдында бараткан бөлүк. 2. Коомдогу алдыга умтулуп, жетекчилик кылган бөлүк, топ.

**АВАНГАРДДЫК авангард** дегенге таандык. *Жаштар өндүрүштө авангарддык ролду аткара алышат.*

**АВАНГАРДИЗМ** *иск.* Алдыңкы катар, искусство жана адабияттагы реалисттик методдон кескин айырмалуу сол агым катары XX кылымдын баш ченинде пайда болгон.

**АВАНЗАЛ** Кенен, негизги залдын алдындагы бөлмө, алдындагы зал.

**АВАНЛОЖА** Театр ложасынын алдындагы кичинекей кошулмасы.

**АВАНПОРТ** Кемеге жүктөөгө, андан жүк түшүрүүгө ыңгайланган аймактын алды жагы.

**АВАНПОСТ** Айрым армияларда душмандын күтүүсүз кол салышынан сактануу үчүн алдыңкы катарга коюлуучу караол посту.

**АВАНС** Эмгек акынын эсебинен алдын ала берилүүчү акча же башка нерсе.

**АВАНСАЛА** Аванс берүү же алуу. *Иштей электе авансалап кирсе, ал киши кантип оңсун?!* (Шүкүрбеков).

**АВАНСАЛОО авансала** этишинин кыймыл атоочу.

**АВАНТЮРА** Реалдуу күчтөрдү, мүмкүн-

чүлүктү же шартты эсепке албастан, опурталдуу, тобокелге салынган иш. *1918-жылы солчул эсерлердин авантюрасы бир нече сааттын ичинде жоюлду.*

**АВАНТЮРАЛЫК** **авантюра** дегенге таандык. *Авантюралык иштер.*

**АВАНТЮРАЛЫК РОМАН** *адаб.* Каармандардын күтүлбөгөндөй, таң калаарлык жорук-жосундарын, алар башынан кечирген укмуштуу окуяларды, курч кырдаалдарды баяндаган чыгарма, көбүнчө ойдон чыгарылган сюжеттер, кыялдан токулган окуялар, уламыштык мотивдер кеңири пайдаланылат.

**АВАНТЮРИЗМ** Ийгиликтерге жеңил-желпи жетишүүгө, пайда табууга багытталган, принципсиз, опурталдуу тобокелчилик.

**АВАНТЮРИСТ** Авантюрага берилген, принциби жок адам.

**АВАР** 1. V кылымда Дунай боюнда жайгашып, VIII кылымга чейин өзүнчө мамлекет болуп өмүр сүргөн негизги топ. 2. Дагестан Республикасында туруучу калк, жана ошол калктын өкүлү.

**АВАРИЯ** Техникалык кыйроо; автомобиль, поезд, самолёт, башка машиналардын кагылышуусу, кыйроосу. *Азыр мобул көчөдө авария болот, карап тургула, дейт ал* (Акматов).

**АВАРИЯЛЫК** **авария** дегенге таандык. *Авариялык бригада.*

**АВГУСТ** Юлий календары боюнча жылдын сегизинчи айынын аты. *Август айынын аяк чени.*

**АВЕСТА** Иран, Азербайжан, Орто Азия элдеринин исламга чейинки дини болгон зороастризмдин ыйык китеби.

**АВЖИ** 1. Керектүү нерсе, зарыл нерсе. 2. Жандануу, шыктануу, дем киргүү. *Кыз балдары жетилип, Бары бир жогу авжи алат* (Эл ырлары).

**АВЗИ КӨВСАР СУУСУ** Бейиштеги соолгус кудуктун суусу. *Ажылыкка бардыңыз, Абзи көвсар суусунан, Ооз чайкап даарат алдыңыз* (Калык).

**АВИАБАЗА** Авиациялык бөлүктөрдү тейлөөчү аэродром, склад жана ремонттук өнөрканалар.

**АВИАБИЛЕТ** Вертолёт, самолёттун билети.

**АВИАБОМБА** Самолёттон ташталуучу жарылгыч же уукутургуч заттар менен толтурулган бомба.

**АВИАГОРИЗОНТ** Учкучка горизонтту көрсөтүүчү авиациялык прибор.

**АВИАДЕСАНТ** Аскерлерди самолётторго салып келип душмандын территориясына түшүрүү.

**АВИАИНФОРМАТОР** Ичиндеги камтылган кандайдыр бир кабар же маалыматты телефон же табло аркылуу берүүчү автоматтык курал.

**АВИАКАССА** Самолёт менен учууга билет сата турган жай.

**АВИАКАТАСТРОФА** Аба жолунда күтүүсүздөн болгон кайгылуу, трагедиялуу кырсык.

**АВИАКЛУБ** Авиа адистерин даярдаган, аларды окутуп, үйрөткөн клуб.

**АВИАКОМПАНИЯ** Шаарлар аралык аба каттамын жүргүзүп, жүргүнчүлөрдү жана жүк ташууну тейлей турган мекеме.

**АВИАКОНСТРУКТОР** Самолёт, вертолётторду авиациялык кыймылдаткычтарды жасаган, ойлоп тапкан, түрлүү үлгүлөрүн чийип, эсептеп, даярдап, жараткан адам.

**АВИАЛАЙНЕР** Көп орундуу жүргүнчүлөрдүн самолёту.

**АВИАЛИНИЯ** Калк отурукташкан пункттар ортосунда жүрүп турган транспорттук самолёттордун маршруту, аба жолу.

**АВИАМАГИСТРАЛЬ** Авиациялык жолдун магистралы.

**АВИАМЕХАНИК** Техникалык жактан самолёт, вертолётторду тейлөөчү жана ремонт ишин жасоочу адис.

**АВИАМОДЕЛЬ** Самолёттун же башка абалык аппараттын модели.

**АВИАНОСЕЦ** Согуштук кеме, самолёт учуп-коно турган аянты жана ал самлёттор жайгаштырыла турган ангарасы бар жылып жүрүүгө ылайыкташкан аэродром, авиациялык база.

**АВИАПАССАЖИР** Самолёттун, вертолёттун жүргүнчүсү (пассажири).

**АВИАПАТРУЛЬ** Патруль кызматын аткаруучу самолёт же вертолёт.

**АВИАПОЧТА** 1. Почтаны аба аркылуу жеткирүү. 2. Самолёт менен ташып жеткирилүүчү кат, посылка ж.б.

**АВИАТОР** Авиация иштери менен иришкен адам, учкуч. *Авиаторлордун иштеринин көлөмү жылдан-жылга өсүп бара жатат.*

**АВИАТРАССА** Самолёт учуучу аба жолдорунун белгиленген багыттары.

**АВИАЦИЯ** 1. Абадан оор болгон учуучу аппараттар менен абада учуунун теориясы жана практикасы. *Авиация иштеринин өнүгүшү.* 2. Учуучу аппараттардын жалпы жыйындысы, аба флоту. *Граждандык авиация. Транспорттук авиация. Санитардык авиация.*

**АВИАЦИЯЛЫК** **авиация** дегенге таандык. *Талааларды авиациялык иштетүүнүн абалы.*

**АВИЗО** *фин.* Эки тараптын ортосунда болгон алыш-бериштеги өзгөрүштөр, жиберилген акча, товар ж.б. жөнүндө кабарлаган билдирүү.

**АВИТАМИНОЗ** *мед.* Организмде витаминдин жетишсиздигинен пайда болгон оору.

**АВЛАД** Тукум, урук, тукум-жураат. – *Сиз экенсиз Алим-хандын чын авлади! Кызмат көрсөтөйүн. Отуңуз менен кирип, күлүңүз менен чыгайын* (Касымбеков). *Бул кемпир өз убагында Россия империясына көрсөткөн кызматы үчүн бөлөк боор элден болгонуна карабай бийлөөчү Романов авладине катталган киши* (Касымбеков).

**АВОКАДО** Лавр тукумундагы дайыма жашыл, мөмөлүү дарак. Бийиктиги 10–20 *м* ге чейин. Топ гүлү агыш, кош жыныстуу. Мөмөсү алмурутка окшоп, салмагы 250–600 *г*, бир уруктуу. Өңү кочкул жашыл же каралжын. Дүйнө жүзүндө 10 го жакын түрү бар.

**АВСТРАЛИЯЛЫКТАР** *ж.с.* австралиялык. Австралиянын жергиликтүү калкы. Австралиянын азыркы калкы.

**АВСТРИЯЛЫКТАР** *ж. с.* австриялык. Австрия Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АВТАРКИЯ** 1. *саяс.* Өзүн өзү канааттандыруу, камсыз кылуу. 2. Кандайдыр бир өлкөнүн дүйнөлүк алкактан обочолонуунун экономикалык саясаты. Бир малекет өз аймагынын чегинде өзүн-өзү камсыз кылуучу жана туюкталган экономикалык ыкма нугунда өнүгүү максатында дүйнөлүк базардан өз эрки же мажбурлануу менен четтеп калышы.

**АВТО ОНДОО** *комп.* Киргизилген сөздөрдүн орфографиялык каталарын атайын программанын жардамы менен автоматтык түрдө ондоо.

**АВТОБАЗА** Автомобиль менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу ишин уюштуруучу мекеме, ошондой эле автомобилдер туруучу жана аларды ремонттоочу жай. *Жүк ташуучу машиналардын автобазасы. Жеңил машиналар автобазасы. Автобазанын машинасы эртең менен саат сегизде түз Фрунзеге жөнөйт экен* (Бейшеналиев).

**АВТОБАН** Автотранспорттун жогору ылдамдык менен жүрүшүнө арналган чоң магистраль.

**АВТОБЕКЕТ** Шаарлар аралык жүргүнчүлөрдү ташуучу автомобилдердин чогулуучу, токтоочу жери. *Ош базары автобекеттен алыс эмес.*

**АВТОБИОГРАФИЯ** Өзү жөнүндө жазылган өмүр баян, таржымал.

**АВТОБИОГРАФИЯЛЫК** Автордун өмүр баяны менен байланыштуу болгон баян. *Бул аңгемеде автобиографиялык элементтер алаканга салгандай эле ачык* («Ала-Тоо»). *Мукай Элебаевдин «Узак жол» аттуу китеби – автобиографиялык роман.*

**АВТОБИОГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМА** *адаб.* Жазуучунун өзүнүн өмүр жолуна негизделип жазылган чыгарма.

**АВТОБУС** Жүргүнчүлөрдү ташууга арналган көп орундуу автомобиль. *Адам төгүп, адам алат да, Автобустар жөнөй беришет* (Эралиев). *Автобус тоонун кушундай алыстайт сапар улантып* (Өмүрканов). *«Катманду – Лхаса» деген автобуска дал баягы чолок шым, кара көз айнекчендер топурап толуп алышты* (Акматов).

**АВТОВОКЗАЛ** Шаар аралык автобустар токтогон жай, жолоочулардын сапар чегүү орду.

**АВТОГЕНЕЗ** *биол.* Организмдердин эволюциясын түшүндүрүп келген илимий агым.

**АВТОГОНКА** *к.* **автожарыш.**

**АВТОГРАФ** Автордун өз колу менен жазылган текст, арноо; кол тамга. *Чыңгыз Айтматовдун автографы.*

**АВТОДИЗАЙН** Автомобилдин дизайны.

**АВТОДИЗАЙНЕР** Автодизайн боюнча адис.

**АВТОЖАРЫШ** *спорт.* Автомобилдердин жарышы.

**АВТОЖОЛ** Автомобилдер жүрө тургандай курулган жол. *Капталдагы автожолдо ар түрдүү маркадагы жеңил автомашиналар, өзгөчө «жиптер» зуулдайт* (Акматов).

**АВТОЗАВОД** Автомобилдерди жана алардын тетиктерин чыгаруучу завод.

**АВТОЗАПРАВКА** Транспорттук каражаттарды күйүүчү май менен камсыз кылуучу жай.

**АВТОИНСПЕКТОР** Автоинспекциянын жумушчусу.

**АВТОИНСПЕКЦИЯ** Автомобилдердин жол эрежелерин сактап жүрүшүнө көз салуу, байкоо жана жол коопсуздугун көзөмөлдөө милдетин аткаруучу мамлекеттик орган.

**АВТОИНТЕРВЬЮ** Өзү жөнүндө кыскача билдирүүчү адабияттык жанр.

**АВТОИНФОРМАТОР** Телефон аркылуу маалымат берилүүчү автоматтык курал.

**АВТОКАСКАДЁР** Автомобилдик трюктарды адистештирүүчү каскадер.

**АВТОКОЛОННА** Белгилүү каттамга атайын чыккан бир нече автомобиль. *Кулакка дүр этчү самолётту же автоколоннаны үмүттүү күтүп, баарынын караганы жол, асман* (Турсунов).

**АВТОКОММЕНТАРИЙ** Автор аркылуу текстке берилүүчү түшүндүрмө.

**АВТОКРАН** Автомобилге орнотулган жүк көтөргүч кран.

**АВТОКРАТИЯ** *саяс.* Жеке адамдын чектелбеген, шарт коюлбаган, көзөмөлгө алынбаган толук бийлиги менен мүнөздөлүүчү башкаруу формасы.

**АВТОКРОСС** Автомобилдердин жүрүшү.

**АВТОЛ** Автомобиль, трактор сыяктуу машиналардын кыймылдаткычтарын майлоо үчүн колдонула турган май.

**АВТОЛАВКА** Автомобилде кыдырып жүрүп соода кылуучу лавка (ларек, дүкөн).

**АВТОМАГИСТРАЛЬ** Автомобилдер көп жүрүүчү чоң жол.

**АВТОМАРШРУТ** Жүргүнчүлөр жүрүчү автобустун маршруту.

**АВТОМАТ** *тех.* 1. Кишинин түздөн-түз катышуусуз эле бөтөнчө механизмдин жардамы менен иш жүргүзүүчү аппарат (машина, прибор). *Телефон-автомат.* 2. Автоматтык түрдө тез атылуучу согуш куралы. *Автоматтардын тытыраган үнү кулак тундурат* (Абдукаимов).

**АВТОМАТИКА** 1. Илимдин жана техниканын өндүрүштү автоматташтыруу жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуучу бөлүмү. 2. Автоматтык түрдө иштей турган механизмдердин, куралдардын жалпы аты.

**АВТОМАТТУУ** Колунда автоматы бар, автомат менен куралданган. *Автоматтуу солдат.*

**АВТОМАТТЫК** **автомат** дегенге таандык. *Автоматтык жер сугаргычтар.*

**АВТОМАТЧАН** Автомат менен куралданган жоокер. *Автоматчандар ураалап алга карай чуркап жөнөштү* (Абдукаимов).

**АВТОМАТЧИК** 1. Автоматты тейлеген адис, автоматчы. 2. Автомат менен куралданган жоокер, автоматчан.

**АВТОМАТЧЫ** **автоматчик** менен бирдей.

**АВТОМАШИНА** Резина дөңгөлөктүү ичтен күйүүчү кыймылдаткыч менен жүрө турган машина. *Капталдагы автожолдо ар түрдүү маркадагы жеңил автомашиналар, өзгөчө «жиптер» зуулдайт* (Акматов). *к.* **автомобиль.**

**АВТОМЕХАНИК** Автомашиналарды оңдоочу адис.

**АВТОМОБИЛЬ** Жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү рельсасыз жолдор менен ташууга арналган, ичинде күйүүчү кыймылдаткычы бар унаа. *Жүк ташуучу автомобиль. Жеңил автомобиль.*

**АВТОНОМИЯ** Закон чыгаруу жана башкаруу иштерин өз алдынча чечүү укугу; өзүн-өзү башкаруу. *Алыстагы кыргыздан, автономия курулган* (фольк).

**АВТОНОМИЯЛУУ** Автономия алган, өз алдынчалуулукка ээ. *Мындай педагогдор ар бир областта, крайда, автономиялуу республикада* («Мугалимдер газетасы»).

**АВТООТВЕТЧИК** Телефон аркылуу пленкага жазылган маалыматты билдирүүчү курал.

**АВТОПАРК** Автомобилдер туруучу, ремонттолуучу жай. *Ал эми башка бирөөлөрү автопарк куруу жөнүндө сүйлөшөт* («Ала-Тоо»).

**АВТОПИЛОТ** Учуучу аппаратты башкаруучу автоматтык курал.

**АВТОПОРТРЕТ** Художниктин, скульптордун өзүн өзү тарткан сүрөт же жасаган айкели.

**АВТОР** Адабий же искусстволук чыгарманы, илимий эмгекти, долбоорду ж.б. жазган, түзгөн адам. *Адабий чыгармалардын автору. Курулуштун долбоорун түзгөн автор. Музыкалык чыгармалардын автору.*

**АВТОРДУК** **автор** дегенге таандык. *Автордук баяндама. Автордук түзөтүүлөр.*

**АВТОРДУК АКЫ** *укук* Илим, адабият же искусство чыгармасын пайдаланганы үчүн авторго төлөнүүчү калем акы.

**АВТОРДУК БАЯНДОО** *адаб.* Чыгармадагы каармандардын сөзүнөн башка окуянын ордун, мезгилин жана шартын сүрөттөгөн автордун речи, каармандардын мүнөзүн терең ачуу үчүн алардын кебине автордун кыстырмасы.

**АВТОРДУК КЕЛИШИМ** *укук* Жарандык-укуктук келишим. Илимий, адабий же искусство чыгармаларын пайдалануу жөнүндө автор менен пайдалануучунун макулдашуусу.

**АВТОРДУК КҮБӨЛҮК** *укук* Ойлоп чыгарууну, анын биринчилигин, ага болгон ыраcтоочу жана мамлекеттик ошол ойлоп чыгарууга карата бөтөнчө укукту күбөлөндүрүүчү документ.

**АВТОРДУК УКУК** *саяс.* 1. Илим, адабият жана искусство чыгармаларынын авторлорунун укугун жөнгө салуучу улуттук жарандык укуктун жана эл аралык жеке укуктун бөлүгү. 2. Адабият, музыкалык же көркөм сүрөт чыгармаларды кайрадан чыгарууга, алардын мазмунун жана формасын жарыялоого жана сатууга берилген айрыкча укугу.

**АВТОРЕМОНТ** Автомобилдердин бузулган жерин оңдоо, оңдой турган жай.

**АВТОРЕФЕРАТ** Автордун өзүнүн илимий чыгармасынын кыскача баяндамасы. *Диссертациянын авторефераты.*

**АВТОРИТАРДЫК БИЙЛИК** *саяс.* Чексиз бийлик жүргүзүүгө умтулган өкүмчүлүк бийлик. Жетекчинин өзүнө баш ийген жамааттын, ведомстволук мекемелердин иштерин башкаруунун бүт системасын толугу менен өз колуна топтоп, кабыл алынган башкаруучулук чечимдерден тартып, алардын аткарылышын көзөмөлдөө менен аяктаган өкүмчүлүк.

**АВТОРИТАРИЗМ** (жеке бийлик) *саяс.* Демократияга каршы, укуктуулукка каршы концепция жана бийлик кылуу (жетекчилик) практикасы. Күч, зордук-зомбулук аркылуу чексиз бийлик укугуна ээ болуп алган бир адамдын же белгилүү топтун түптөгөн катаал режими.

**АВТОРИТЕТ** 1. Жалпыга таанылган кадыр-барк, таасир. *Кыргызстан эл аралык авторитетке ээ болуп баратат* («Эркин Тоо»). 2. Башкаларга таанылган, таасири, кадыр-баркы күчтүү адам. *Эмгектин сен өңдүү мыкты азаматтары өз коллективинин чоң авторитети, сыймыгы* («Ала-Тоо»).

**АВТОРИТЕТТҮҮ** Авторитетке ээ болгон, кадыр-барктуу. *Кычан авторитеттүү чоң*

*адамдар менен кеңештеш болгонуна кантип кубанбасын* (Бейшеналиев).

**АВТОРЛОО** *комп.* Кард боюнча сатылганды же акчаны берүүнү бекитүү процесси.

**АВТОРЛОШ** Адабий же башка көркөм чыгарманы, илимий эмгекти, долбоорду дагы бир автор менен биргелешип жазган, түзүшкөн адам, автор.

**АВТОРОДЕО** Автомобиль менен ылдам жүрүп, секиртип, кыры менен эки дөңгөлөкчөн оюн көрсөтүү.

**АВТОРУЧКА** Жазган учурда ичиндеги сыясы уч жагына автоматтык түрдө берилип турууучу калем.

**АВТОСЕРВИС** Автомобилдерди жөндөө, техникалык текшерүүдөн өткөзүү кызматтарын жасаган мекеме.

**АВТОТЕТИК** Автомобилдердин, мотордуу башка машинелердин тетиктери.

**АВТОТРАССА** Мыкты жасалып, ири шаарларды жана мамлекеттерди туташтырган кеңири, даңгыр жол. *Бишкек-Ош автотрассасы бүтүп элге бир топ эле жакшы болуп калды* («Кыргыз Туусу»).

**АВТОУНАА** Жүк жана жүргүнчү ташыгыч автомобиль. *Жазуучулар Союзу автоунаа, компьютерлер менен камсыз болду* («Кыргыз адабияты»).

**АВТОФУРГОН** Азык-түлүк, жүк ташуу ишине атайы жабдылган жабык жеңил автоунаа.

**АВТОХТОНДОР** 1. **абориген** менен бирдей. 2. Белгилүү бир аймакта жаралган жана аны мекендеген айбанаттар жана өсүмдүк түрлөрү.

**АГА I** 1. Өзүнөн улуу эркек бир тууган. *Макиштин агасы уста Сергей* (Сыдыкбеков). Эркек тууган-туушкандардын же жалпы эле эркектердин жаш жагынан улуусу. *Кеткенче иним бир жүрүп, Кебин ал мендей агаңдын* (Токтогул). *Чыңгыз ага, гүл жыттанып айланаң, Таазим кылат, эл көп келет жайнаган* (Акматалиев). 2. *биол.* Дөө кур бака. Кур бакалардын эң ири түрү. Америка континентинде жашайт.

**АГА II ал** деген жактама ат атоочтун барыш жөндөмөдөгү формасы. *Менин ага эч кандай тиешем жок. Сен ага жолуктуңбу? – Ага айткан кайран сөзүм, – деп кобурады да, сын таккан түрү менен кала берди* (Кыдырмышев).

**АГА ЛЕЙТЕНАНТ** Лейтенанттан жогорку офицерлик наам жана ошол наамды алган адам.

**АГА ТОН** *этн.* Тойдо куда тараптан кыздын агаларынын бирине жабылган сый тон.

**АГА-ТУУГАН** Бири-бирине туугандык байланышы бар адамдар, тууган-туушкандар. *Аман-эсен калыңар, Ага-тууган баарыңар* (Тоголок Молдо). *Ага-тууган кайрылса, Ал-абалы мол бекен* (Токтогул).

**АГАЖАН** *диал.* Агага эркелеп кайрылуу. *Агажаным келе жатат.*

**АГАЙ** 1. **ага I** менен бирдей. *Сабыр агай... ортоңку бөлмөгө чыгып барды* (Сыдыкбеков). *Асанбек – менин бир тууган агайым. Агайым армияда.* 2. Өзүнөн улуу эркек кишиге урматтап кайрылуунун формасы. *– Кечиресиз, агай, – деди Гүлайым* (Бейшеналиев). *– Агай! – деп калды Гүлнар* (Сыдыкбеков). 3. *сүйл.* Окуучулар мугалимине кайрылганда колдонулат. *– Агай! – деп колун көтөрдү бала, – мен айтайынбы?* («Ала-Тоо»).

**АГАЙЛА «Агай»** деп кайрылуу, «агай» деп айтып чакыруу (өзүнөн улуу эркек кишилерге карата). *Жүрөгүмө кадалды, Агайлаган сылык сөз* (Турусбеков). *Агайлап артынан, калбай жүгүрдүм* («Ала-Тоо»).

**АГАЙЛАТ** 1. Жалынтуу, тизе бүктүрүү. 2. **агайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АГАЙЛЫК** Улуулук, окутуучулук. *Агайлык баркын сактады* (Мавлянов).

**АГАЙЫН** 1. Эркек бир туугандар, эки бир тууган. *Баатыр Сыргак кайран эр, Адамдан артык чамасы, Манас экөө бир ата, Агайындын баласы* («Манас»). *Эки агайын балдары болобуз.* 2. Туушкан, туугандык жакындыгы бар адам. *Агайынды жамандап, Тууганды кайдан табасың?* (Токтогул). 3. Жалпы эл-журт, көпчүлүк. *Баланчанын уулу деп, Агайынга даңк болот* (Осмонкул). *– Митинге жабык, агайындар! – деди Шамбет көпчүлүккө* (Сыдыкбеков).

**АГАЙЫНДУУ** Туугандуу, тууган-туушкандары, агайындары көп.

**АГАЙЫНДЫК** Туугандык, бири-бирин жакын көргөндүк, агайындарча мамиледе болгондук. *Мен агайындыктан да, ынтымактан да эрте чыккан киши болчумун* (Элебаев). *Агайындык кылып, жакшылыгын аяган жок* («Ала-Тоо»).

**АГАЙЫНЧЫЛ** Тууганчыл, жакынчыл. *Биздин коңшу агайынчыл адам.*

**АГАЙЫНЧЫЛЫК** Тууганчылык, бири-бирин жакын көрүүчүлүк, агайындарча мамиледе болуучулук. *Агайынчылык үчүн мен аянганым жок.*

**АГАЛА I** Өзүнөн улуу эркек бир тууганын же жакын тууганын ага катарында кадырлоо, сыйлоо, урмат көрсөтө билүү. *Өз агасын агалай албаган бирөөнүн босогосун сагалайт* (макал).

**АГАЛА II** Ак жуккан, акка боёлгон.

**АГАЛУУ** Агасы бар. *Биз да агалуу болуп калдык.*

**АГАЛЫК** Агага тийиштүү милдет, ага болуунун жөнү. *Агалык кылып, мына бул бөбөктөрүңүзгө көз сала жүрүңүз* («Чалкан»).

**АГАН** *диал.* **Ал** деген жактама ат атоочтун барыш жөндөмөдөгү формасы. *– Мен аган эмне жамандык кылыптырмын, анчалык таарынгандай* («Байчечекей»).

**АГАР** 1. Ак болуу, ак түскө айлануу, бара-бара ак өңгө өтүү. *Түн ичинде тумак күндүз да бул бактын ичинен агарган нерсени көрбөйсүң* (Сасыкбаев). *Буу баскан кичинекей айнек булаңгыр тартып, агарып турат* (Касымбеков). 2. Жарык болуу, жарык түшүү. *Таң агарып, жерге жарык түшүп калган эле* (Абдукаримов). 3. Билимдүү, маданияттуу бол. *Агарып-көгөрүп – окуп билим алып, киши болуп.*

**АГАРТ** 1. **агар** этишинин аркылуу мамилеси. *Кара чачын агартты, Таптаган сенин күйүтүң* (Токтогул). 2. Эл арасында илим-билим таратуу, билим берип окутуу. *Калк агарткан чагыбыз* (Токтогул).

**АГАРТУУ I** 1. Ак түскө айландыруу, актоо, ак кылуу. *Аялдар үй агартуу, көрпөтөшөктөрүн какшытуу аракетине өтүштү* (Убукеев). 2. Окутуу, билим берүү. *Эл агартуу иштери.*

**АГАРТУУ II** **агарт** этишинин кыймыл атоочу.

**АГАРТУУЧУ** 1. Эл арасында мектеп ачып, балдарды окууга тартып, билим таратуучу адам, окутуучу, мугалим. *Ишеналы Арабаев – кыргыздын алгачкы агартуучуларынын бири.* 2. *тар.* Батыш Европанын 17–18-кылымдардагы прогрессивдүү идеологиясынын өкүлү. *Француз агартуучулары.* 18–19-кылымдардагы орустар менен славяндардын коомдук алдыңкы ойчулдарынын өкүлү. *Орус агартуучулары.*

**АГАРТУУЧУЛУК** Батыш Европанын 17–18-кылымдардагы прогрессивдүү буржуазиясынын идеялык кыймылы. 18–19-кылымдардагы орустар менен, славяндардын коомдук алдыңкы ойчулдарынын идеялык кыймылы.

**АГАРТЫЛ** **агарт** этишинин туюк мамилеси.

**АГАРЫҢКЫ** Агаргансыган, агыш тарткан. *Адыр-адыр ак чапка, Айлың катар конобу? Агарыңкы көрүнөт, Жериңе акиташ сыйпап коёбу?...* (Осмонкул).

**АГАРЫШ** Таарынычты жазышып, өткөнкеткенди кечиришүү, оюна жаман алышпагандай болуп жарашуу. *Көпкө чейин саламга келишпей жүргөн эки дос эми агарышып, өткөн-кеткенди кечиришип, мурдагыдай жакшы мамиледе бололу дешти* («Ала-Тоо»).

**АГАТ I** Катмарлары ар кандай түстө болгон, кооздук үчүн же майда буюмдарды жасоо үчүн колдонула турган катуу минералдык зат.

**АГАТ II** Пахта, тамеки ж.б. өсүмдүктөрдү тигүү үчүн тартылган арык, жөөк. *Терилген пахтаны кырманга төгүп коюп, кайра агаттарга бет алды* (Эшмамбетов).

**АГАТАЙ** Агасына же өзүнөн улуу эркек кишиге ызааттап кайрылуу формасы. *«Агатай, сүйгөнүңүз барбы?» деген, Кат алган нечен жолу далай кыздан* (Үмөталиев). *Агатай, асыл киши элеңиз го.*

**АГАТАЙЛА** Ызаат менен «агатай» деп кайрылып, илбериңки мамиле кылуу (агасына же өзүнөн улуу эркек кишиге карата).

**АГАТАЙЛАТ** **агатайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АГАТАЙЛОО** **агатайла** этишинин кыймыл атоочу.

**АГАЧ** Өсүп турган дарак.

**АГАЧА** Байбиче, улгайган сөөлөттүү зайып. *Агача, келин, сулуу кыз Зайыптан чыгат турбайбы* (Эл ырлары). *Агача, келин, сулуу кыз Баарысы катар мелтейген* («Манас»).

**АГГЛЮТИНАЦИЯ** Сөздүн уңгусунан кийин ага белгилүү бир маанидеги ар кандай мүчөлөрдүн тизмектенип, жалганып өзгөрүшү. Мис. *китеп+ым=китебим, бала+га ж.б.*

**АГДАР** Дайыма ак, аруу жүргөн. *Алланын артыкча ишенген агдар элчиси болгондуктан, ага баары тартууланган* (Даутов).

**АГЕДЕЛ** *диал.* Алеп-желеп. *Жеңеси менен бараткаңга көңүлү агедел.*

**АГЕЛЕС** Курч орок. *–Ташта орогуңду! Орок оруп сен мени бакпай – ак кой! – Таштабайм орогумду! Агелес орогунун сабын мыжыга кармаган Анаркул тигинин бетине жабыша калчудай атырылып, ачуу бүркүп сүйлөдү* (Өмүрбаев).

**АГЕНТ I** 1. Уюмдун, мекеменин ж.б. кызматтык тапшырмаларын аткаруучу өкүлү. *Жашылча даярдоо боюнча агент. Камсыздандыруу агенти.* 2. Кимдир бирөөнүн кызыкчылыгы, таламы үчүн аракет кылган, ошону жактаган адам. *Ал кезде Сулуктүдө эсерлик, меньшевиктик жат элементтер, алардын агенттери да жок эмес эле* (Сасыкбаев). 3. Кандайдыр бир мамлекеттин чалгындоо иштери боюнча жашыруун кызматкери; тыңчы, шпион. *Губернатор туш-туш жакка агенттерин, аскерлерин чыгарып, Токашты издете баштайт* (Баялинов). 4. *саяс.* Эл аралык кредиттик синдикаттын мүчөлөрү тарабынан, ошол синдикаттын кызыкчылыктарын кредиттин мөөнөтү бүткөнгө чейин гарант катары коргоого ишеним берилген банк. 5. Облигация чыгарууга тапшырма берилген уюм. 6. Продукция өндүрүүчү менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы соода далдалчысы, тигил же бул фирманын өкүлү.

**АГЕНТ II** Табиятта же организмде бул же тигил кубулуштун пайда болушун аракетке келтирген, пайда кылган себеп.

**АГЕНТ III** *комп.* 1. Колдонуучунун талабы боюнча берилиштерге жетүү жана сервер менен өз ара аракеттешүү үчүн атайын иштелип чыккан программа. 2. Экрандык милдеттерди тармактагы колдонуучунун гана

компьютеринде ишке ашырыла тургандай иштелип чыккан автоматтык программа.

**АГЕНТСТВО** *к.* **агентчилик.**

**АГЕНТТИК** **агент** дегенге таандык. *Агенттик милдеттер.*

**АГЕНТУРА** 1. Жашыруун маалыматтарды жыйноо жана диверсиялык иштерди жүргүзүү максатын көздөгөн тыңчылык кызмат, чалгындоо иштери. 2. Агенттер, шпиондор тобу.

**АГЕНТЧИЛИК** Кандайдыр бир борбордук мекеменин же ишкананын жергиликтүү бөлүмү, ошондой эле информациялык ж.б. мүнөздөгү кээ бир мекемелердин аты. *Банктын агентчилиги. Телеграфтык агентчилик.*

**АГЕР** *диал.* Эгер.

**АГЕРДЕ** *диал.* Эгерде.

**АГЕРИМ** *диал.* Эгерим.

**АГИОГРАФИЯ** *адаб.* Ыйыктар жөнүндө жазуу, пайгамбарлардын жана олуялардын турмушу тууралуу диний темада жазылган чыгармалар.

**АГИТАТОР** Үгүтчү, агитация жүргүзүүчү адам. *Агитаторлор айыл аралап үгүт иштерин жүргүзүшүүдө.*

**АГИТАТОРДУК** **агитатор** дегенге таандык.

**АГИТАЦИЯ** Элдин кеңири массасына саясий таасир кылуу максатында оозеки жана басма сөз бетинде жүргүзүлгөн үгүт-насыят иштери. *Шайлоого бир күн калганда агитация иштери токтотулат* («Эркин Тоо»).

**АГИТАЦИЯЛА** Агитация ишин жүргүзүү. Бир нерсеге ишендир, көндүр, макул кылуу максатында үгүт-насыят жүргүз, үгүттөө.

**АГИТАЦИЯЛОО** **агитацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**АГИТАЦИЯЛЫК** **агитация** дегенге таандык.

**АГИТКОЛЛЕКТИВ** *тар.* Өлкөнү КПСС бийлеп турган доордо калк арасында агитация иштерин жүргүзүү үчүн партиянын баштапкы уюмдарынын алдында түзүлчү агитаторлор коллективи. *Агитколлективдин ишине жаштар жетекчилик кылат.*

**АГИТМАССАЛЫК** Кеңири эл массасынын арасында жүргүзүлүүчү агитациялык, коомдук-саясий иштерге таандык. *Агитмассалык иштер.*

**АГИТПУНКТ** Агитациялык пункт (калк арасында массалык-саясий иштерди жүргүзүүчү жергиликтүү мекеме). *Агитпункттар шайлоочулардын арасында саясий агитацияны жүргүзүүнүн борбору болууга тийиш.*

**АГНОСТИК** Агностицизмди жактоочу.

**АГНОСТИКАЛЫК** ***агностицизм*** дегенге, ***агностик*** дегенге таандык.

**АГНОСТИЦИЗМ** Объективдүү дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүгүн таанып-билүү мүмкүндүгүн танган идеалисттик философиялык окуу.

**АГОНИЯ** 1. Өлүм астындагы абал. 2. *өт.* Кандайдыр бир жашоо, тиричиликтин акыркы стадиясы.

**АГРАРДЫК** Жерге тиешелүү, жерди иштетүү маселесине, дыйканчылыкка тиешеси бар. *Агрардык реформа. Агрардык маселе. Өлкөбүздө жүргүзүлгөн агрардык реформадан региондор катуу жабыр тартты* («Аалам»).

**АГРЕГАТ** Жалпы бир ишти аткаруу үчүн бир бүтүнгө бириктирилген ар кандай типтеги бир нече машина же техникалык түзүлүш. *Электр агрегаты. Бир агрегаттагы 40–50 тигүүчүнүн колунан чыккан кийимди кабыл алып жөнөтүү жеңил-желпи адистик эмес* («Кыргызстан аялдары»).

**АГРЕГАТТЫК** **агрегат** дегенге таандык.

**АГРЕМАН** Эл аралык укук боюнча мамлекеттин жеке бир адамды башка бир өлкөнүн дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн башчысы катары таанууга макулдук берүүсү. Агреман алмайынча расмий даярдоо мүмкүн эмес.

**АГРЕССИВДҮҮ** **агрессия** дегенге таандык. *Жакынкы Чыгыштагы агрессивдүү саясат.*

**АГРЕССИЯ** Кандайдыр бир өлкөнүн территориясын басып алуу, анын көз каранды эместигин жок кылуу же чектөө, демократияны басып жана реакциячыл режимди орнотуу максатында бир мамлекеттин экинчи бир мамлекетке кол салышы.

**АГРЕССОР** Агрессияны колдонгон, кол салган тарап, басып алуучу.

**АГРОБИОЛОГИЯ** Дыйканчылыктагы, өсүмдүктөрдү өстүрүү ишиндеги жана мал чарбачылыгындагы жалпы биологиялык мыйзам ченемдүүлүк жөнүндөгү илим.

**АГРОБИОЛОГИЯЛЫК** **агробиология** дегенге таандык. *Агробиологиялык илим.*

**АГРОБИОЦЕНОЗ** Адам тарабынан жасалма жол менен түзүлгөн, түрдүк курамы өтө жарды боталык жыйындыдан турган биоценоз.

**АГРОКУЛЬТУРА** Талаачылык иштеринин, дыйканчылыктын техникасын жакшыртууга багытталган жолдордун, чаралардын жыйындысы.

**АГРОКУЛЬТУРАЛЫК** **агрокультура** дегенге таандык. *Агрокультуралык чаралар.*

**АГРОМЕТЕОРОЛОГИЯ** *гидр.* Метеорология илимин өсүмдүктөр дүйнөсү, дыйканчылык менен биримдикте изилдөө бөлүгү.

**АГРОМИНИМУМ** Дыйканчылыкка тийиштүү болгон эң зарыл чаралардын жана илимдердин жыйындысы.

**АГРОНОМ** Агрономия боюнча адис.

**АГРОНОМИЯ** Дыйканчылык жана айыл чарбасы жөнүндөгү илим.

**АГРОНОМИЯЛЫК** **агрономия** дегенге

таандык. *Агрономиялык илимдер.*

**АГРОТЕХНИК** Агротехника боюнча адис.

**АГРОТЕХНИКА** Айыл чарба өсүмдүктөрүн иштетүү жолдорунун системасы.

**АГРОТЕХНИКАЛЫК агротехника** дегенге таандык. *Агротехникалык чаралар.*

**АГРОХИМИЯ** Туруктуу жана жогорку түшүм алуу максатында өсүмдүктөрдү азыктандыруу, жер семирткичтерди жана химиялык каражаттарды колдонуу, өсүмдүктөрдү коргоо жөнүндөгү илим.

**АГРОЭКОЛОГИЯ** Негизги факторлору менен өсүмдүктөрдүн өнүгүп өсүшүн, аргындаштыруу, организмдин курамы менен өзгөрүүсүн изилдөө экология тармагы.

**АГУЛДАР** *ж. с.* **агул.** Дагестанда жашаган калктын бир бөлүгүн түзгөн эл.

**АГУУ ак III** этишинин кыймыл атоочу. *Сел агуу. Көздөн жаш агуу.*

**АГЫЗ ак III** этишинин аркылуу мамилеси. *Канал казып, суу агыз, Какшыган чөлдүү тегизге* (Үсөнбаев). *Аламудун, Ала-Арча… Ат агызган суусу бар* (Осмонкул).

**АГЫЗУУ** Суюктукту (суу ж.б.) өз нугу менен ылдый карата жиберүү, куюу.

**АГЫЛ I** *диал.* Мал короо, мал үчүн салынган жай, курулуш.

**АГЫЛ II 1. ак III** этишинин туюк мамилеси. *Агылган канды аралап, Ажалга каршы мен барам* (Бөкөнбаев). *Тунук булак өзөн суу, Түзүнө карай агылса* («Мендирман»). 2. Чубашып тынымсыз жүрүп турган абал. *Адамдар агылып кырманга бет алды* («Ала-Тоо»). *Жашырбайм, ырас, ырас сагынганым… Койлордун маарап төштөн агылганын* (Эралиев).

**АГЫЛ III** *диал.* Агынды. *Агыл таш.*

**АГЫЛ IV** Аккан-акпаганы билинбеген тайыз суу же көлчүк. *Агылда бака чардап, арыкта суулар шылдырап, даракта куштар сайраар, гүлдөрүн төгүп беде да чабылар* (Турсунов).

**АГЫЛГА** 1. Туш тарабы тосулган далдоо, калканыч жер. *Атты шамалдан агылга жерге байлап кой* («Ала-Тоо»). 2. Сыртынан көз салып, байкоо жүргүзгөндүк. *Төркүн жагынан агылга болбосо, бечараны чексиз ызалап, катуу кордоп коюшар* (Сыдыкбеков). 3. *диал.* **агыл I** менен бирдей.

**АГЫЛГАЛА** Сыртынан тымызын көз салуу, байкоо, андып жүрүү, акмалоо. *Гулайды алып чыгышар бекен деген ой менен Марат агылгалап аңдып жүрдү* («Ала-Тоо»).

**АГЫЛГАЛАТ агылгала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АГЫЛГАЛОО агылгала** этишинин кыймыл атоочу.

**АГЫЛЖЫН** Ак болуп көрүнгөн, агыш тарткан. *Агылжын тарткан тоолордун, Койнуна анан кириштi…* (Мамеев).

**АГЫЛУУ агыл** этишинин кыймыл атоочу.

**АГЫМ** 1. Суу ж.б. суюк заттын агуу кыймылы, агыны. *Боомду агымы тентек Чүй дарыясы жарып өтөт* (Абдумомунов). *Нефтинин агымы.* 2. Абанын, газдын ж.б. жылуу кыймылы. *Абанын агымы. Газдын агымы. Жылуу агым.* 3. Белгилүү бир тарапты карай агылган топтун, массанын кыймылы. *Демонстранттардын агымы улам көбөйө берди* («Жаш ленинчи»). 4. Кандайдыр бир нерсенин өөрчүү, өнүгүү же багыт алуу, алга карай жүрүү кыймылы. *Иштин агымы. Турмуштун агымы.* 5. Көркөм-адабий же коомдук-саясий багыт. *Философиялык агым. Адабий агымдар.* 6. Топ-тобу менен келип-кетүүнүн, жүрүүнүн ырааты. *Биринчи агымда анча эмес эле, экинчи агымда курортторго эл батпай кетти* («Кыргыз Туусу»). *Туристтердин агымын кескин токтоткон деп түшүнчү* (Акматов).

**АГЫН агым** менен бирдей. *Аты мунун Күрпүлдөк, Агыны катуу дарыя* («Манас»). *Агыны катуу сууга бар, Ашуусу бийик тоого бар* (фольк.).

**АГЫН СУУ** Көл же деңиз сыяктуу көлкүп турбай, белгилүү багытты карай агып турган суу, дарыя, өзөн. *Агын суу, аппак кардуу Ала-Тоо* (Нуркамал). *Атыр аба, агын суу, Баары бизге берилген* (Шүкүрбеков).

**АГЫНДЫ** Суу менен кошо агып келген жыгачтар же ар кандай башка нерселер. *Арылдап кирген чоң суудагы агынды кайда кетпейт?* (Жантөшев). *Кече калса бул чунак, Агынды болуп кетти деп* («Семетей»).

**АГЫТ** 1. Байлоодон бошотуу, бош коё берүү, чечип бошотуп коюу. *Калбубу музоолордун бирин агыта берди* (Убукеев). *Базарбек үйүнүн жанына түшүп, атын агытты* (Каимов). 2. Итти, тайганды же алгыр куштарды ууга алып чыгып, аңга салуу, аңга коё берүү. *Тайган агытып куш салуу. Бүркүт агытты.* 3. Айгырды үйүргө кошуу. *Айгырды үйүрүнө агыт.*

**АГЫТТЫР агыт** этишинин аркылуу мамилеси.

**АГЫТУУ агыт** этишинин кыймыл атоочу.

**АГЫТЫЛ агыт** этишинин туюк мамилеси. *Тулпардай агытылган, алып ээри* (Эралиев).

**АГЫТЫШ агыт** этишинин кош мамилеси.

**АГЫШ** Ак түскө башка бир күңүрт түс кошулгандан келип чыккан, таза ак эмес, бозомук ак түс. *Чыгыш тараптын асманы агыш тартып, ай да жайбаракат гана калкып келатат* (Абдукаримов).

**АДА БОЛУУ** *эск.* Түгөнүү, калбай калуу, аягына чыгуу. *Ада болбойт тарыхың Айткан менен Токтогул* (Барпы). *Жолой адам болобу же ада болобу* («Эл адабияты»). **В.:**

**Ада кылуу.** *Малдын баарын түгөтүп, Ада кылды жан бакты* (Тоголок Молдо). *Мен ада кылып айткыча, Айран болсун уккандар. Намазын ада кылып бүткөндөн соң, Алладан медет тилеп ыйлай берди.*

**АДАБИЙ** 1. Көркөм адабиятка, жазуучулук кесипке таандык. *Адабий чыгарма. Адабий кружок.* 2. Адабий тилдин нормаларына туура келген, андан өзгөчөлөнгөн. *Адабий стиль. Адабий айтылыш.*

**АДАБИЙ ПРОЦЕСС** *адаб.* Элдин, аймактын, өлкөнүн, дүйнөнүн адабиятынын белгилүү бир учурдагы, мезгилдеги, доордогу жашап турушу жана өнүгүшү.

**АДАБИЙ СЫН** *адаб.* Адабият теориясы, адабият тарыхы сыяктуу эле адабият таануу илиминин бир бөлүгү. Анын милдети – учурдагы адабий процесстин өнүгүшүнүн жалпы же жекече проблемаларын талдоого алуу, аларга баа берүү.

**АДАБИЙ ТИЛ** Грамматикалык, лексикалык, фонетикалык жактан калыпка салынып, тиешелүү айтылыш жана жазылыш нормалары иштелип чыккан жалпы элдик тил.

**АДАБИН БЕРҮҮ** *туурасы:* **адебин.** *Мастан кемпирди алтымыш өгөй энең менен өлтүрүп адабини бересиң* («Эл адабияты»).

**АДАБИЯТ** 1. Тигил же бул элдин, доордун, бүткүл адам баласынын илимий, көркөмдүк, философиялык ж.б. чыгармаларынын жалпы жыйындысы. *Марфа жумушчулар үчүн бир топ жаңы адабияттар, газеталар ороп таңды* (Сасыкбаев). 2. *адаб.* Искусствонун сөз өнөрү менен ишке ашуучу, дүйнөнү образдуу чагылдырууга негизделген түрү. *Адабият биринчи иретте талантты талап кылат, адабиятта колдоо менен, эптөө менен, уурулук менен ат салышууга болбойт* (Шүкүрбеков). *Балдар адабияты. Көркөм адабият.* 3. Илимдин айрым бир тармагы же атайын бир маселеси боюнча басылып чыккан чыгармалардын жалпы жыйындысы. *Философиялык адабият. Техникалык адабият.*

**АДАБИЯТ ТААНУУ** Көркөм адабияттын тарыхы менен теориясын жана адабий сынды бириктирүүчү илимдердин жалпы жыйындысы.

**АДАБИЯТ ТЕКТЕРИ** *адаб.* Адабий чыгармаларды системага салуу жана топ-топко ажыратуу принциби. Көркөм адабият эпос, лирика, драма деген тектерге бөлүнөт.

**АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ** *адаб.* Көркөм адабият жөнүндөгү илимдин составдык бир бөлүгү.

**АДАБИЯТ ТҮРЛӨРҮ** *адаб.* Адабий чыгармаларды системага салуунун жана аларды жикке ажыратуунун дагы бир принциби. Бул чыгарманын сырткы белгисине карай аныкталат.

**АДАБИЯТТЫК адабият** дегенге таандык. *Мына, адабияттык парад, Көргүлөчү өзүңөр карап* (Алыбаев).

**АДАБИЯТЧЫ** 1. Адабият менен иришкен адам; жазуучу. *Адабиятчы жана сынчы катарында Чыңгыз Айтматов жазуучулардын ичинен өзгөчө бөлүнүп турат.* 2. Көркөм адабият же адабият таануу боюнча адис. *К. Асаналиев, К. Артыкбаев, М. Борбугулов, А. Садыков, К. Бобулов, С.Жигитовдорду атасак болот.*

**АДАБЛАТ** *диал.* Адилет. *Адаблат десе чаң чаркан, Мастандан алды тилини* («Эл адабияты»).

**АДАВАТ** *диал.* Эрегиш, өчөш, душмандык, кастык. *Үкесин колдоду деп адават чыгарбагыла* (Мукамбаев).

**АДАЖИО** *муз.* 1. Жай, созулуңку (музыкалык чыгармалардын аткарылыш темпи жөнүндө). 2. Жай темпте аткарылган музыкалык чыгарма же анын бир бөлүгү.

**АДАК** 1. ***ада*** менен бирдей. *Адак болуу.* 2. *сейр.* Акыры, аягы. *Алп адагы Ормотой, тулпар адагы Тайтору* (макал).

**АДАЛ** 1. Ислам дининин эрежелери боюнча тыюу салынбаган, жасоого, пайданаланууга жол берилген жорук-жосун, жүрүм-турумдар, же ичип-жешке уруксат кылынган тамак-аштар. *Адал өлсө – бир казан эт, арам өлсө – ит менен кушка жем* (Убукеев). 2. Өз күчү, өз мээнети менен табылган, ак эмгеги менен өндүрүлгөн оокат. *Томаяк болсом да, өз эмгегим менен тапкан адал ааламды ичем* (Абдукаримов). 3. Күнөөсүз, ак ниет, акыйкаттуу; арамдык аралашпаган. *Адал болсо пейилиң, Арам ишти таштагын* (Токтогул). *Ошондуктан Турсун апа дайым шат, Адал ишин колхозчулар жакташат* (Осмонов). 4. Мал. *Колумда бир үй, бир торпогумдан башка адалдан түгүм жок.* 5. Шарыят боюнча нике кыйып алган аял. *Мында силер отурсаңар, менин адал жупчуларым болгон төрт катыным отурат* (Жантөшев).

**АДАЛАТ** Калыстык, адилдик, калыс, адыл. – *О, хазрети! Дилиңиз адал экен, о сиз адалат ишке жаралган Адам экенсиз!* (Касымбеков).

**АДАЛДА** 1. Атайылап союлбай өлгөнү жаткан малды арам болуп калбасын үчүн мууздап же кан чыгарып коюу, жешке жарактуу кылуу. *Аттын жок дегенде кулагын жырып, шариятын түзөп, этин адалдап да койбоптурмун* (Касымбеков). 2. Таза жууп, эреже, шариятка тууралоо. *Баатыр Манас сөөгүн Алып чыгып келди эми. Кошой, Төштүк эрлерге, Адалдап эми жуудуруп, Сурпка салып буудуруп, Табытына салды эми* («Манас»). Мусулманчылыктын кеңири белгилүү эрежелеринин биринен болгон эркек баланы сүннөткө олтургузуу (көбүнчө *баланы олтургузуу* түрүндө айтылат) расмиси да кыргыздарда

«колун адалдоо» – деп да айтылат. *Баланын колун адалдап койдук.*

**АДАЛДАН** 1. **адалда** этишинин өздүк мамилеси. 2. Адал болуу шартын жасоо.

**АДАЛДАН ТҮГҮ ЖОК** Колунда малы жок, кедей, жарды. *Беш чиедей баланы асыроо түйшүгү адалдан түгү жок томаяк үчүн жеңил да эмес эле* (Сасыкбаев). *Үйүндө адалдан түгү жок жигитке орточу түшкөн киши чекеси ысыбасы белгилүү* (Каимов). *Адалдан түгү жок кембагал неме эле* (Жантөшев).

**АДАЛДАН ТҮК КОЙБОО** Мал аттуудан эч нерсе калтырбай бардыгын жок кылуу. *Опол башкарган элден адалдан түк койбой алып, итке мингизери жөнүндө макулдашат* (Осмоналиев).

**АДАЛДАТ** **адалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДАЛДОО** **адалда** этишинин кыймыл атоочу.

**АДАЛДУУ** 1. Адалданган. 2. *өт.* Мал. *Адалдуудан түгү жок.*

**АДАЛДЫК** Адал экендик, адал деп эсептөөгө боло турган белгилери бар; арам эместик, ак ниеттүүлүк, арамза ойлобогондук. *Адалдыгың адал эне сүтүндөй* (Осмонов). *Малы-мүлкү, үй-жайы Адалдык менен бүтпөгөн* (Токтогул).

**АДАЛСЫН** Сыртынан эле адал сыяктанып, сопусунуп, диний талаптарга так кишидей болуп көрүнүү. *Адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыгыптыр* (макал).

**АДАЛСЫНТ** **адалсын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДАЛСЫНУУ** **адалсын** этишинин кыймыл атоочу.

**АДАМ I** 1. Акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши. *Адамды адам кылып баккан эмгек* (Бөкөнбаев). – *Корккон жоксуң- бу, булар деле адам окшойт ко?..* (Касымбеков). 2. Жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогон, жакшы сапаттары бар киши. *Сасыкбай, сен адам эмессиң, жүрөгүң жыландын уусуна жык толгон* (Байтемиров). *Эгер ал адам болсо, бирөөгө ушунчалык кордук көрсөтөт беле?* (Абдукаримов). 3. Бой тарткан, акыл-эси, билими бар, колунан иш келген киши (өспүрүм, жаш адамдарга карата). *Динар жоголгон койлорду табышып берди. Адам болот деген ушул* (Сыдыкбеков). *Карачы, ушул мектептен окуп жаткан менин Бекжаным бир адам болуп чыгар* («Ала-Тоо»).

**АДАМ II** Таң калгандыкты, кубангандыкты билдирет. *Адам ээй, кагылайын, карасаң, бөйтөйүп турганын* («Ала-Тоо»). – *Адам, биздин жолоочулар менен бирге былтыркы Мыскал деген кыз келиптир* (Сыдыкбеков).

**АДАМ АЛАСЫ ИЧИНДЕ** Кишинин сырын сыртынан билүү кыйын, жаман-жакшысы ичинде деген мааниде. *Адам аласы ичинде эмеспи, балким сиздин шегиңиз бардыр кимдир бирөөдөн?* (Борбиев).

**АДАМ БАЛАСЫ** Адам, адамзат. *Бригадир деле биз сыяктуу адам баласы* (Сыдыкбеков).

**АДАМ БОЛУУ** 1. Эр жетүү, эс тартып, киши катарына кошулуу. *Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет деген ырас тура, баягы жаманы бой жетип, адам болуп, азыр баарын баккан ошол* («Кыргызстан маданияты»). 2. Оорудан айыгуу, жакшы болуу, баш көтөрүү. *Апамдын адам болорболбосуна көзүм жетпейт. Оорусу күчөп баратат! – дедим* («Ала-Тоо»). **В.: Киши болуу.** *Жаман чүрпөсү киши болуп калды.* **Мал болуу.** *Ажал жетпегенге айла жок экен, алты ай төшөктө жатып, мына, эми мал болуп калды* («Чалкан»).

**АДАМ ЗААДА** Адам баласы, Адам уулу. *Адам заада пенденин, Азат бою дүркүрөп* («Семетей»). *Адам зат жерге батабы, Ажалы жетип өлбөсө* (Токтогул). *Ушул ажайып, ушул бейжай дүнүйөдөн кетеримде жанымда бир Адам заада болбогону кызык болду а?!* (Касымбеков).

**АДАМ КАТАРЫНА КОШУЛУУ** 1. *к.* **адам болуу.** 2. Жашоо-тиричилиги, турмушу жакшыруу, өйдөлөө, оңолуп элге аралаша баштоо. *Эмне гана күндү көрбөдүк! Өлгөндөн калган эл жерине кайтып, ушу керемет таңдын, ажайып күндүн деми менен адам катарына кошулдук* (Өмүрбаев).

**АДАМ КЫЛ** Өстүрүү, киши кылып тарбиялоо.

**АДАМ НОО** 1. Жөө жомоктук, мифтик жандык. 2. Жапайы адам маанисинде да кездешет. 3. Кээде дөө, өтө чоң, акылы кем, адам түспөлүндөгү жандык. *Убара чаркөө, адам ноо* («Манас», С.О.). *Адам ноо деген жандар бар* («Манас»).

**АДАМ ООЗУНА АЛГЫС** 1. Өтө одоноорой, уят, ыплас кеп, сөз ж.б. *Адам оозна алгыс сөздөр менен ашата сөгүп, сиздин үй жакка бара жатканын Үпөл көрүптүр* (Бердикеев). 2. Жегенге жараксыз, өтө начар, бузулуп кеткен (тамакка карата).

**АДАМГЕРЧИЛИК** Адамдагы сылык мамиле кылуу, жакшы көрүү, кадырлоо, урматтоо сапаттары; гумандуулук. *Көсөн кагылайындын адамгерчилигине ыраазы болдум* (Каимов). *Токтор аксакалдын адамгерчилиги элден өзгөчө да!* (Абдукаримов).

**АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ** Адамгерчилиги бар, гумандуу. *Ыракмат силерге! Жабыр тарткан жарды болсоңор да, адамгерчиликтүү экенсиңер* (Жантөшев). *Адамгерчи-*

*ликтүү жигит.*

**АДАМДЫК** 1. Жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогондук. *Эл кадырын билбеген Адамдыкка жарабас* («Курманбек»). 2. Адам баласына таандык. *Өлгөнгө топурак салыш ар кимдин адамдык милдети* (Убукеев).

**АДАМЗАТ** 1. Киши, адам баласы. *Адамзат көзү барда көп байкалбай, Жок болсо «кайран ай» деп сагындырар* (Осмонов). 2. Эл-журт, бүткүл адам баласы. *Адамзаттын ичинде Кут жараттың, дүнүйө!* (Женижок). *Адамзатта Айтматовдой эч ким жок, Адам эмес, айбандарды баалаган* (Акматалиев).

**АДАМСЫН** Толук баалуу адам катары сезүү же көрүнүү, өзүн же бирөөнү башкалардан кем көрбөгөн абал. *Алсынчы деп тим койсом, Адамсынып калыпсың* («Эр Табылды»). *Аш берем деп атама, Адамсынып калганың* («Эр Табылды») .

**АДАМСЫНТ** **адамсын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДАМСЫНУУ** **адамсын** этишинин кыймыл атоочу.

**АДАМЧА** Адамдай болуп, адамдын колунан келгендей. *Күңгүрөп сүйлөйт үңкүрү Кишини коштоп адамча* (Женижок).

**АДАМЧЫЛЫК** Адам деген атка татыктуу болгондук, ыймандуу болгондук. *Эң бир бийик, эң асыл адамчылык наамым* (Шатманов). *Энеке, бул кылганың адамчылык Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук* (Бөкөнбаев). **к. адамгерчилик.**

**АДАПТАЦИЯ** 1. Организмдин, сезүү органдарынын айлана-чөйрөнүн шартына ыңгайланып көнүшү. *Көздүн адаптациясы. 2.* Чет тилдерди жаңыдан үйрөнө баштагандар үчүн текстти оңой окууга ыңгайлаштыруу (жеңилдетүү) ыкмасы.

**АДАПТАЦИЯЛАНГАН БАСЫЛЫШ** *адаб.* Кайсыл бир көркөм-адабий чыгарманын жеңилдештирилип, ыңгайлаштырылып басылышы.

**АДАПТЕР** *тех.* 1. Компьютер мүмкүнчүлүктөрүн арттырууга пайдалануучу электрондук тетик. 2. Үндөрдүн угулушунун жалпылама аттары.

**АДАТ** 1. Көпчүлүк эл үчүн өнөкөт болуп калган каада, салт, традиция, жүрүш-туруш тартиби. *Омор байыртан берки элдик адаттарды таштай элек* (Сыдыкбеков). *Кыз көрүү адаты боюнча айыл-айылга барып жүргөндөрдүн бири да сен эмессиңби?* («Ала-Тоо»). 2. Көңүлгө жат болуп, үйрөнүп калган өнөкөт, көндүм, көнүмүш. *Үйрөнгөн адат калабы, үйга жүгөн салабы* (макал). *Дайым сүйлөрүндө көзүн ачып-жумуп алма адаты бар* (Жантөшев). *Мергендин адаты – ууга чыгыш, менин адатым – шыралга алыш* (Байтемиров).

**АДАТТА** Эреже боюнча, каада боюнча, адат-салттын жөнүнө ылайык. *Адатта жарыш жөнүндө аттын ээсинен да саяпкер көп ойлонот* (Каимов). *Адатта эң мурун арыздын мазмунун элге баяндап берип, андан кийин талкууга коюш керек эмеспи* («Ала-Тоо»).

**АДАТТАГЫ** **адаттагыдай** менен бирдей. *Каныбек жөнүндө сурүштүрүп отурушкадары адаттагы кайдыгер сураштыруулардын бириндей сыяктанды* (Жантөшев).

**АДАТТАГЫДАЙ** Мурдатан боло жүргөндөй, адатка айланып кеткендей, кадимкидей. *Анда-санда абалап жүргөн иттердин үнү болбосо, айыл ичи адаттагыдай таттуу уйкуда* («Кыргызстан аялдары»). *Умсунай байбиче болсо чалы менен уулунун адаттагыдай эмес, түшүнүгү ал үчүн оор сөздөрүнө анчалык каныга албай, кош көңүл болуп кала берди* (Сасыкбаев).

**АДАТТАН** Көндүм болуп калуу, көнүгүп адат кылып алуу, өнөкөттөнүү. *Эрте турууга адаттанып кетти.*

**АДАТТАНДЫР** **адаттан** этишинин аркылуу мамилеси. *Жакшы иштөөгө адаттандырды.*

**АДАТТАНТ** **адаттан** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйрөнүп согуш сырын көзү каныгып, Жана да адаттантты жашоо шарты* (Абдыраманов).

**АДАТТАНУУ** **адаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**АДАТЫНЧА** Үйрөнүп калган көнүмүшү, адаты боюнча, каадасынча, боло жүргөндөй. *Жер карап Эргеш аке ойлоп калды, Мурутун адатынча сылап коюп* (Үмөталиев). *Адатынча күн аябай ысып, үп болуп турат* (Абдукаримов). *Садык адатынча үйүнө Базарбек менен Бекенди конокко чакырды* (Каимов).

**АДАШ I** 1. Жолдош. 2. Дос, тамыр (бул маанисинде *аяш-адаш* турпатында да колдонулат). 3. Аты уйкаш, ысымы бирдей. – *Анын силерге эмне кереги бар! Андан көрө жатып уктайлычы, адаштар!* (Абдукаримов).

**АДАШ II** 1. Жаңылыш, туура эмес, *Сен бизди адаш жолго киргизип, Арамдыгың билгизип* («Манас»).2. Бараткан жолду, багытты же бара турган жерди ж.б. таппай, жаңылып калуу. *Адашпай кара туман, жаман түндөн* (Осмонов). *Биз токой арасында оңбогондой адашып жүрдүк* (Жантөшев). 3. Жолдошторду таппай, кездеше албай калуу, кимисинин кайда экенин билишпей калышкан абал. *Ар кимибиз бир сайда, Адашып калдык ар кайда* (Элебаев). *Бирбиринен адашып, Тоз-тоз болду, кайран эл* («Жазгыч акындар»). *Кемпирдин минген бээси адашып калган кулунуна каралап, кишенеп тура калды* (Сыдыкбеков). 4. Жаңылуу, жаңылыштык кетирүү, бир нерсенин туурасын, аныгын же жөнүн биле албай

калуу. *Журт, адашып жатасыңар!* (Ту- русбеков). *Калпты чындай талашат, Жокту «бар» деп адашат* (Токомбаев). 5. Алыс- тап кетүү, эл ичинде бирге боло албай, оолактап калуу. *Ошолордун айынан Мен дагы нечен жыл элден адашкам* (Токтогул). *Эзилип, кайгы-шор тарттым Эл-журтумдан адашып* (Токтогул). 6. Мурдагы калыбынан танып калуу; жаңылышуу, жаман жолго түшүү. *Канды кара басканда, Калыстыктан адашат* («Мендирман»). *Кээ бир, кээ бир көпкөндөр Адашат жүрүш-турүштан* (Шүкүрбеков).

**АДАШЖОЛ** Тескери жол, адашчу жол. *Адашжолдо-Ай Бакай, Аз түгөсө сан Бакай* (Дүйшеев).

**АДАШТЫР** Түз жолдон, туура ишмердүүлүктөн четтетүү, туура эмес жолго салуу. *Ашым Базарбекти адаштырды, өзү да адашты* (Каимов). *Адаштырып оюңдан, Акылың менен иш кетет* (Жеңижок).

**АДАШУУ** **адаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АДАШЧААК** Көп адашма, көп жаңыла турган, жаңыла берме. *Адашчаак абышканын башы маң болду* («Ала-Тоо»).

**АДВОКАТ** Сот жообуна тартылган адамды сотто жактоочу, сотто бирөөнүн ишин алып баруучу, укук маселеси боюнча кеңеш берүүчү юрист; актоочу.

**АДВОКАТТЫК** **адвокат** дегенге таандык. *Адвокаттык иш.*

**АДЕБИН КОЛУНА БЕРҮҮ** Кандайдыр бир кылмышы, күнөөсү, жаңылыштыгы үчүн катуу жазалоо, көргүлүктү көрсөтүү, теске салуу, акесин таанытуу. *О, кайран жеңем, ишке жарайт! Биздин айылдын катындарынын адебин колуна берип, акесин таанытат* (Борбиев). *Аманат жаным соо болсо, Адебин колго беремин* («Эр Табылды»). **В.: Адебин берүү.** *Бардык күнөө кыздын өзүндө адебин келтире бериш керек* (Осмоналиев). **В.: Азабын колуна берүү.** *Аттанабыз черүүгө, сандаалатып калмактын Азабын колго берүүгө* («Курманбек»). **Азабын берүү.** *Элсиз-жерсиз көпкөн кул, Азабыңды беремин* (Бөкөнбаев). **Жазасын колуна берүү.** *Мен бул иттин жазасын колуна берем* (Каимов). **Жазасын берүү.** *Байлардын жазасын берүүгө элди үйрөтүп жүргөндөр да ошолор* (Баялинов). **Сазайын ко-луна берүү.** *Тагай Алымкулдун сазайын колуна бермейинче мооку канбайт* (Абдукаримов). **Сазайын берүү.** *Бас, сенин сазайыңды Мырзабай берет! – деп, Айдаралы Култайды жакадан алды* (Абдукаримов).

**АДЕГЕНДЕ** Башталышында, биринчи учурда, биринчи иретте, эң алды менен. *Адегенде Данияр... батына бербей, акырын баштады* (Айтматов). *к.* **а VI.**

**АДЕКВАТТУУ** Бирдей, окшош.

**АДЕМИ** Кооз, көркөм, татынакай.

**АДЕП I** Ызааттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык. *Өзүнөн улуу кишиден Адеп сактап уялат* (Барпы). *Адеп сактап токтолуп, Аркаң менен жыларсың* (Тоголок Молдо). *Адеби менен сүйлөгөн Аманбы Барпы, чырагым* (Токтогул).

**АДЕП II** Алгач, баштаганда эле, озунуп. *Сакалынан кармап алып, адеп аны жаакка чаап жатыптыр* («Чалкан»). *Адеп эле сурай бересиңби?*

**АДЕП-АХЛАК** Жүрүм-турум; кулк-мүнөз. *Адеп-ахлак жаатынан башкаларды үйрөтүүгө кудурети жетер, бирок үйрөтпөйт* (Мавлянов).

**АДЕПКИ** Алгачкы, эң мурунку, биринчи. *Адепки жылдарда. Адепки убакта.*

**АДЕПСИЗ** Адеби жок, тарбиясыз, башкаларды ызат кылбаган, орой. *Адепсиздин балдары Чыргоо болот өзүндөй* (Токтогул).

**АДЕПСИЗДИК** Адеби жоктук, башкаларды ызат кылбагандык. *Колдон албаңыз, адепсиздик болот* («Советтик Кыргызстан»). *Маданияттуу жигит адепсиздикке барбайт* («Ала-Тоо»).

**АДЕПТЕН** Адептүү болуу, адептүүлүктү көрсөтүү. *Акбар адептене ордунан тура калды* (Убукеев).

**АДЕПТҮҮ** Адеп сактай билген, тарбиялуу, адеби бар, сый-сыпаттуу, өзүн-өзү кармай билген. *Сылык мүнөз, адептүү, Жакшылыктын өрнөгү* (Осмонов). *Гулайым улуу-кичүүнүн алдында өзүн адептүү кармайт* (Абдукаримов).

**АДЕПТҮҮЛҮК** Адеп сактоочулук, тарбия көргөндүк, тартиптүүлүк, сылыктык, сыпайылык. *Нуруштун сөздөрүнүн тактыгынан да адептүүлүгү Акбарга абдан жакты* (Убукеев). *Мектеп балдарды аң-сезимдүүлүктүн жана адептүүлүктүн духунда өстүрүүгө арналган* («Ала-Тоо»).

**АДЕТ** *диал.* Адат. *Кызматка адетимче жарым саат мурда келдим* (Каимов). *Жамандардын адети Жалган сөздү чын кылат* (Токтогул).

**АДЕТИНЧЕ** *диал.* Адатынча. *Жапжалгыз адетинче кайра кетти, Көңүлсүз күрөң атын камчыланып* (Осмонов). *Сартбаев адетинче эки ийнин бирдей куушуруп күлө сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

**АДИ** 1. Чек, өлчөм. *Адиден ашып бул калмак, Ак калпак кыргыз элине, Ченемдүү жабыр салбаптыр* (Тоголок Молдо). 2. Укук, акы.

**АДИДЕН АШУУ** Чегинен чыгып кетүү, ашынып кетүү деген мааниде. *Адиден ашкан болушсуң. Кыласың күндө жыйынды. Оокаты жок кедейге Өз оюңдан чыгарып, Саласың күндө чыгымды* (Токтогул).

**АДИЕ** 1. Сыйлык, белек. 2. *диал.* Той өткөрүү үчүн берилүүчү кошумча, дастордун, туугандардын кошумчасы.

**АДИЛ** Өз кызыкчылыгына карабастан, туура, калыс иш кылган, адилеттиги бар, чынчыл. *Колхозду алга сүрөгөн, Планын бүтпөй кулбөгөн Биздин адил башкарма* (Осмонов).

**АДИЛДИК** Адилеттик, калыстык, адил ойлуулук, акыйкаттык. *Адилдик кайсы жагында? Эч ким болжой албады* (Касымбеков). *Болушсуң, элди бийлейсиң, Эл оокатын билбейсиң, Адилдикти ырдасам, Жактырбастан тилдейсиң* (Токтогул). *Эрдик да, ак эмгек да, адилдик да, Ырыстын далай кенчи колхозчуда* (Осмонов).

**АДИЛЕС** *диал.* Атилес.

**АДИЛЕТ** Адилдиги бар, калыс, акыйкатчыл. *Адилет айтып сүйлөсө, Чечендин көркү сөзүндө* («Мендирман»). *Адилет болсоң, текшерчи Кедейди байлар урганын* (Токтогул). *Азамат, адилет сот – делдең кулак Жургүздү кан ичерге катуу сурак* (Алыбаев). *Чыгармасы көп тилдерде сүйлөгөн, Адамдыкка, Адилетке үндөгөн* (Акматалиев).

**АДИЛЕТСИЗ** Адилеттиги жок, адилет эмес, калыс эмес. *Адилетсиз бийлер.*

**АДИЛЕТСИЗДИК** Адилеттиги жоктук, адилет эместик. *Алымкул эч кандай кордукка, шылдыңга, өзүн басынтууга, адилетсиздикке чыдачу эмес* (Абдукаримов). *Ашымдын ишке жөндөмдүүлүгүн тануу адилетсиздик болор эле* (Сасыкбаев).

**АДИЛЕТСИН** Адилет болуп көрүн (өзүн адилет кылып көрсөтүүгө аракеттенгендик). *Адилетсингениң менен, арамдыкка барганыңды жаап-жашыра албайсың* («Чалкан»).

**АДИЛЕТТИК** Калыстык, акыйкаттык, эч кимге тартпагандык, баарына бирдей калыс карагандык. *«Адилеттиктен тайган бийлик төбөлүн ойрондойм десең, анын балдарынын дымагын күчөтүп кой» дейт кытай лакабы* (Акматов). *Адилеттик кылбастан, Азапты башка салганы* (Токтогул).

**АДИЛЕТТҮЛҮК** Адилеттиктен, калыстыктан тайбагандык, тууралык.

**АДИЛЕТТҮҮ** Адилеттиги бар, калыс адилеттиктен тайбаган. *Мен күлдүм, ызаланган итти карап, Ар-намыс адилеттүү болду сабак* (Алыбаев).

**АДИРЕС** Жип аралаштырылып токулган жибек кездеме. Эки жагы тең гүлдүү болгондуктан, кээ бир жерлерде «дүрүйө» деп аталган.

**АДИС** 1. Кандайдыр бир иштин аткарылыш жолу, ыгы, методу. *Ар иштин адисин билиш керек.* 2. Белгилүү бир ишке, кесипчиликке адистешкен, машыккан же ал боюнча атайын маалымат алып, үйрөнүп чыккан кызматкер; ишбилги. *Айыл чарба адистери. Экономика жагынан адис болгон жаш кадрлар.* 3. Кандайдыр бир иштин же бир нерсенин ыгын мыкты өздөштүргөн, машыккан, чебер, устат. *Адис акын экен деп, Бул жериңден ойлодум* (Токтогул). *Соно суудан көтөрүлүп учканча, адис болгон ак шумкар зыпылдап жетип калды* (Жантөшев). *Адис мерген.*

**АДИСА** Кокустуктан болгон окуя. *Жабыла чаап ак бозду кармашты... Аталык кайда? Эмне адиса болду? Жабыла тиги ак боз келген жакты көздөй чабышты* (Касымбеков).

**АДИСТЕШ** Белгилүү бир адистикке ээ болуу, адистикти өздөштүрүү. *Техника жагынан адистешкен жаш механизаторлор. Айыл чарбачылыгына адистешти.*

**АДИСТЕШТИР** 1. Илимдин же техниканын кандайдыр бир тармагы боюнча атайын билим берип, адис кылып чыгар; адистикке жеткир. 2. Чарбаны же кандайдыр бир ишкананы белгилүү бир тармак же максат жагына бет алдыр, багытта.

**АДИСТЕШТИРИЛ** **адистештир** этишинин туюк мамилеси. *Адистештирилген бригада. Адистештирилген мекеме.*

**АДИСТЕШТИРҮҮ** **адистештир** этишинин кыймыл атоочу.

**АДИСТЕШҮҮ** **адистеш** этишинин кыймыл атоочу.

**АДИСТИК** 1. Кандайдыр бир иштин көзүн таап, жакшы машыккандык, адистешкендик. *Алты күндөн, жети күн Алыша албай турушту, Адистик кылып бир-бирин Чалыша албай турушту* («Сейтек»). *Алма баш мылтык асынган, Аяктай ташка жашынган, Асылым Калы жыргалым, Адистиги ашынган* (Тоголок Молдо). 2. Илимдин, техниканын же искусствонун кандайдыр бир тармагы боюнча алган кесип, үйрөнгөн өнөр. *Мен да айыл чарба кызматкеримин, адистигим – ветврач* (Каимов). *Мен да бир адистик алып чыксам жаманбы* («Кыргызстан аялдары»). *Үчөөбүз акылдашып, мен бир адистикти үйрөнмөйүнчө болбойт экен деген акылга келдик* (Каимов).

**АДИСТҮҮ** *сүйл.* Белгилүү бир кесипке, адистикке ээ болгон (киши). *Тарас да, Ксения да өндүрүштөн кол үзбөстөн окуп, адистүү болушту* (Сасыкбаев). *Машыккан адистүү токуучулар эки станокту тейлешет* (Сасыкбаев).

**АДИСТҮҮЛҮК** *сүйл.* Белгилүү бир кесипке ээ болгондук, адистик. *Кочегарлардын да өз алдынча адистүүлүгү болот* (Сасыкбаев).

**АДМИНИСТРАТИВДИК** **администрация** дегенге таандык. Административдик иштер. *Мекеменин административдик башкармасы.*

**АДМИНИСТРАТОР** Кандайдыр бир ишти башкаруучу, тескөөчү кызмат адамы. *Администратор болуп иштөө. Театрдын администратору.*

**АДМИНИСТРАЦИЯ** 1. Мекеменин, иш-

кананын, уюмдун жетекчи органы, башкаруучу органы. *Фабриканын администрациясы жумушчулардын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө ар дайым камкордук көрүп турат* («Кыргызстан аялдары»). *Балдар үйүнүн администрациясы менен макулдашып, Мыскалды өздөрүнө алышты* (Сыдыкбеков). 2. Мекеменин, ишкананын башкаруучу адамдары, жетекчилери. *Жыйналышта мекеменин администрациясына сөз берилди* («Ала-Тоо»).

**АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК** **администрация** дегенге таандык. *Административдик кызмат.*

**АДМИРАЛ** Аскер-деңиз флотундагы жогорку командалык составдын аскердик наамы жана ушундай наамы бар адам.

**АДМИРАЛТЕЙСТВО** 1. Кемелерди куруу, жабдуу жана ремонттоо иштери жүргүзүлүүчү жай. 2. Падышалык Россияда жана Англияда: флотту башкаруучу орган, деңиз ведомствосу.

**АДРАНДА** *туурасы:* **адыранда.**

**АДРАШМАН** *туурасы:* **адырашман.**

**АДРЕНАЛИН** Бөйрөк үстүндөгү бездин гормону. Организмдеги зат алмашуу процессин, ошондой эле углеводдук алмашууларды тейлейт, чет жакалардагы кан тамырлардын тарышына алып келгендиктен артериялык басымды көтөрөт.

**АДРЕС** 1. Дарек, жашаган жер же кандайдыр бир мекеменин, уюмдун ж.б. турган жери, орношкон жайы жөнүндө көрсөтүлгөн тийиштүү маалымат. *Башкармага жиберилген макалада жазуучунун толук адреси болсун* («Эркин Тоо»). *Тапшырмаң орундалса кайтып келем, Үйүңдүн адресин бергин жазып* (Шамшиев). 2. Почта аркылуу жиберилген нерсенин (конверттин, пакеттин ж.б.) бетине жеткириле турган жери, кимге тиери көрсөтүлгөн жазуу. *Чапталган конверттин сыртына Динар адрес жазды* (Сыдыкбеков). *Адрести көргөндө, Мен өздөрүн көргөн окшоп жазганам* (Эралиев). 3. *барыш жөндөмөсүндө:* ***адресине.*** Бирөөнүн атына карата, бирөөгө карата. *Ансыз да колхоз активдеринин адресине сынды курчураак айткысы келген Адыл көз карашын эми өзүнө жакын отурган башкармага узатты* (Сыдыкбеков). *Бир катар тамаша сөздөр Сыякандын адресине барып урунду* (Байтемиров). 4. *өт.* Дайын-дарек, кылык-жорук, мүнөз. – *О-о, аныңдын адреси белгилүү, ишке албайбыз.*

**АДРЕСАНТ** Кимдир бирөөнүн адресине кат, телеграмма ж.б. жөнөткөн адам же мекеме.

**АДРЕСАТ** Адресине кат, телеграмма ж.б. жиберилген адам же мекеме.

**АДЪЮТАНТ** Аскердик начальниктин кол алдында иштеп, кызмат жагынан болгон тапшырмаларды же штабдын иштерин аткаруучу офицер.

**АДЫГЕЙЛЕР** *ж.с.* **адыгей.** Адыгей Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АДЫЛ** *диал.* Адил. *Биздин ишибиз адыл! Жеңиш биздики болот!* (Сыдыкбеков). *Колхоздун мүлкүн, көпчүлүктүн шыбагасын сактоого адыл, калыс киши керек го* (Бөкөнбаев).

**АДЫЛДЫК** *туурасы:* **адилдик.**

**АДЫЛКЕЧ** **адил** менен бирдей. *Аяш атаң адылкеч Айтып турду мындай кеп* («Сейтек»).

**АДЫМ** Басып же чуркап бараткан адамдын шилтеген кадамы. *Саадат үйүнө улам жакындаган сайын адымын тездетип, акырында жүгүрдү* (Айтматов). *Алым адымын дагы шилтей берип сүйлөдү* (Жантөшев).

**АДЫМДА** 1. Басууда, чуркоодо буттарды алга кере шилтеп кадамда, чоң арышта. *Рудольф бутунун учу менен алга адымдап, үйгө жакындады* (Баялинов). *Макеш ошол жакка адымдады* (Жусуев). *Айт, текечерим, адымда!* (Жантөшев). 2. *өт.* Алга карай жүр, илгериле; өнүк, өөрчү. *Ушинтип күрөш күчөп биздин жакта, Алдыга ири адымдап турган чакта* (Турусбеков). *Лабораторияда эмгекке жаңы адымдаган жаштар да бар* («Кыргызстан аялдары»).

**АДЫМДАТ** **адымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДЫМДОО** **адымда** этишинин кыймыл атоочу.

**АДЫР** Майда дөңсөөлүү жер. *Адыр-адыр тоолордон Айгыр минип түшөбүз* (фольк.) *Адырында аркар көп, Адамында даркан көп* («Семетей»). *Адыр-адыр ак чапка Айлың катар коноб*у (Осмонкул).

**АДЫР-БУДУР** 1. Жазы, түз эмес, ой-чуңкурлуу, адыр-белестүү.

**АДЫРАЙ** 1. Көздү чоң ачып, чакчая кароо. *Эмне деп айтар экен дегенсип, Бекиш адырайып тиктеп калды* (Байтемиров). 2. Серт, одуракай, одоно.

**АДЫРАЙТ** **адырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДЫРАКАЙ** Арасы ачык-ачык, тыгыз эмес (кездемеге же колго согулган таар, кап ж.б. карата). *Адыракай согулган мындан кап жасалат.*

**АДЫРАНДА** 1. Бирөөгө баатырсынып, кыйынсынып чоң сүйлөө, орондоп өкүмдүк кылуу, кыр көрсөтүү. *Ашка жарчы болдум деп, Адыраңдап ырдадың* (Токтогул). 2. Көңүлү көтөрүңкү, шат, тартынбаган көрүнүштө болуу. *Сүйүнүп адыраңдаганын айтпа! Адыраңдап чаап жүрөт.* 3. Үркүп же элирип качкан же чуркаган абал (ири айбандарга карата). *Адыр-адыр көрүнүп, Адыраңдап дыр коюп, Аркар-кулжа бөлүнүп* (Каралаев). *Адыраңдап жөнөсө, Теңелгендей жылкыга* (Калык).

**АДЫРАНДАТ адыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АДЫРАНДОО адыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АДЫРАШМАН** Ак гүлдүү, тоголок баш байлай турган, чачырап өсүүчү, элдик медицинада дары катары колдонулуучу көп жылдык жапайы өсүмдүк. *Адырашман түтөтүп, ырым-жырымын иштеп бүлүндү* (Убукеев).

**АДЫРАЮУ адырай** этишинин кыймыл атоочу.

**АДЫРГЫ** Өрмөк аштамасынын бир бөлүгү, кырынан койгондо эриштин бир жибин астына басып, бир жибин үстүнө көтөрүп, алардын арасынан аркак өткүдөй кылып бөлүп туруучу узун жалпак жыгач. *Арчадан чабылган адыргы. Таар согуп отурган аялдын адыргысы жыгылып, аркагы үзүлүп кетти.*

**АДЫРДУУ** Адыры көп, бетин адыр каптаган, адыр-адыр болгон жер. *Адырдуу Талас, Сары-Арка* («Эр Төштүк»). *Адырдуу тоону арытып Асынган келте таш бараң* (Бөкөнбаев).

**АДЫРЛУУ адырдуу** менен бирдей. *Жайдын бир толук кезинде, Адырлуу тоонун бетинде* (Турусбеков). *Корумдунун шагылдуу, боз адырлуу тоолору* (Каимов).

**АДЫРМАК** Адыр. *Кара адырмак каркайган. Кара өзөн кайда, бел кайда?* («Манас»). *Адырмак тоодон ышкырган, Улар элең Токтогул* (Бөкөнбаев).

**АДЫРМАКТУУ адырлуу** менен бирдей. *Адырмактуу белди ашып, Арсак Кара-Тоо басып, Чоң сеңирге келишти* («Эр Табылды»). *Анын бери жагынан, Адырмактуу кайкаңдан, Күлчоро тосуп калды эле* («Сейтек»).

**АЕЛМЕТ: жаш аелмет** Жаш балалуу, жаш бала-чакалуу.

**АЕР** *сүйл.* Ал жер. *Олокосу жоктордун айкырыгы, ышкырыгы аерге отургуза турган эмес* (Касымбеков).

**АЁО ая** этишинин кыймыл атоочу. *Аёо сезими жок, таш боор болуш керек эмес.*

**АЁОЛУУ** Аяп мамиле кыла турган; бүлүнүп жок болуп кетпесин деп, аяп уруна турган, аялуу; жалбарыңкы, аянычтуу. *...бакытка тунган адамдай аёолуу карады* (Станалиев). *Аёолуу буюм. Мен кайсы аёолуу кул элем!*

**АЁОСУЗ** Аябастан, ырайым кылбастан. *Туура айтат! Тартипсиздерди аёосуз жазалоо керек* (Байтемиров). *Аёосуз сокку уруу.*

**АЁОСУЗДУК** Аёо дегенди билбегендик, боорукерлиги жоктук, ырайымсыздык. *Душманга аёосуздук менен сокку урулду.*

**АЖ-АЖ ЭТҮҮ** Ээ-жаа бербей ачууланып сүйлөө, беттен алуу.

**АЖААЛА** Ээ-жаа бербей жарыша айтуу, ажылдоо.

**АЖААН** 1. Сөз бербеген албуут, долу. *Кайненем бурганактай чамынган ажаан катын* (Байтемиров). 2. Каардуу, жаалдуу, ырайымсыздыгы күчтүү, мыкаачы. *Ажаан өңдүү душманга, Айбат кылчу күн ушул* (Тоголок Молдо). 3. Ажылдап, өжөрлөнүп үргөн, кабанаак (итке карата). *Бардык короолордо жарактуу чабандар, жабалактаган ажаан иттер* (Каимов). *Биз машкени мурда далай жолу иттери ажаан айылга туш келгенде сактап калуучу элек* (Каимов).

**АЖААТ** *туурасы:* **ажат.**

**АЖАЙЫП** 1. Адам таң калгандай, эң сонун, укмуштуу. *Ай чачырап, жылдыз көп, Ажайып сонун турмуш көп* (Үсөнбаев). *Ушул ажайып көрүнүшкө көз да, көңүл да тойбой суктанып гана карап отургуң келет* («Ала-Тоо»). *Түндө жатып түш көрдүм, Бир ажайып иш көрдүм* («Эр Табылды»). 2. Сыйкырдуу, сыйкырчылык. *Кара жолтой Нескара, Ажайыптан окуган* («Манас»). *Кыз кезинде бу Чүрөк Ажайып дуба окуган* («Сейтек»).

**АЖАЙЫПКАНА** Ар кандай түрдүү кооздуктарды жана айбанат, канаттууларды сактоочу жай, *зоопарк*, музей, жаныбарлар музейи (зоологиялык музей). *Ажайыпкана жайларын, Асманга жакын үйлөрүн, Айткан менен түгөнбөйт, Ал үйлөрдүн түрлөрүн* (Тоголок Молдо).

**АЖАЙЫПТУУ ажайып** менен бирдей. *Ажайыптуу иш болду.*

**АЖАЛ** Өлүм. Адамга, жалпы эле жандууларга чектелген тирүүчүлүктүн – жашоонун бүтүшү. Тирүү жүрүүнүн, жашоонун аяктоо чеги. Ажалдан мурун эч ким өлбөйт. *Ажал айдап келгени.* («Манас» С.О.). *Асылдан кордук көрөсүң, Ажалдан мурун өлөсүң* («Эл адабияты»). *Имерип келсе шум ажал Иргебейт жашты, карыны* (Сарногоев).

**АЖАЛ АЙДОО** Өлө турган учурга өзү келип урунуу, өлүмгө өзү дуушар болуу. *Ажал айдап бул жерге, Келдик деген мындан көп* («Сейтек»).

**АЖАЛ ЖЕТҮҮ** Өлүү, дүйнөдөн кайтуу. *Ажал жетсе амалсыз, Биз да бир күн өтөбүз* (Токтогул). **В.: Ажал жетип, күн бүтүү.** *Ажал жетип, күн бүтсө, Көр азабын көрөбүз* («Манас»).

**АЖАЛДУУ** Өлө турган, ажалы бар; ажалы жакын калган. *Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат* (макал).

**АЖАЛДЫ ООЗУНА ТИШТӨӨ** Бир нерсеге абдан белсене киришүү, тобокелге салуу, өлүмгө башын байлоо. *Мекенди коргоодо далай эр-азаматтарыбыз ажалды оозуна тиштеп, тайманбастан жоого каршы аттанышты* («Ала-Тоо»).

**АЖАЛДЫ УУЧТОО Жанын уучтоо** менен бирдей. Өлүм алдында болуу, өтө кыйналуу. – *Сени күтүп, үч күндөн бери ажалды*

*уучтап олтурам, – керээзимди өзүңө айтып калайын деп* (Осмоналиев).

**АЖАЛДЫН ООЗУНА ТҮШҮҮ** Кыйынчылыкка кабылуу, катаал учурга туш келүү. *Ажалдын оозуна түшүп көрсүн, анан аман кайтканын көрөйүн* (Укаев). **В.: Ажалдын оозуна кирүү.** *Адылбек канча жолу ажалдын оозуна кирип барып, канча жолу ажалдан аман калды* (Өмүрбаев).

**АЖАЛСЫЗ** Өлбөй турган, аман калуучу. *Ажалсыз пенде жок.*

**АЖАЛЫ ЖОК** Өлбөй аман калуу, тирүү жүргөндүк. *Айдалып жүрдүм Сибирде Азаптуу жаман турмушта. Ажалым жок өлбөстөн Аман келгем кыргызга* (Токтогул).

**АЖАП** *туурасы:* **ажайып.** *Уктап кетти, ажап сонун түш көрдү* (Токомбаев). *Эр Толтойду караса, Ажап сонун тамаша* («Семетей»).

**АЖАП-АЙРАН** Өтө эле таң каларлык, тири укмуштуу, эң бир сонун. *Түндө жатып түш көрүп, Түн уйкумду үч бөлүп, Түпөйүл болуп ичимде, Ажап-айран иш көрүп* (Тоголок Молдо).

**АЖАП БОЛУУ** Бирөөнү табалагандай «ырас болду», «чала болду» деген мааниде айтылуучу сөз. *Ажап болду сага! Ошондой болмок, ажап болуптур.*

**АЖАП ЭМЕС** Таң каларлык эмес, болушу мүмкүн, таң калгандай эчтемеси жок. *Ажап эмес, ал ашта, көбү адашып жоголсо* («Манас»). *Ажап эмес, сен да мендей карырсың* (Токомбаев).

**АЖАР** Адамдын жакшынакай өңү, ыраңы, көркү. *Зубайданын маанайы пас, кызыл жүзүнүн ажары өчө түшкөн* («Ала-Тоо»). *Ажарың менен акылың Адамдан башка жаралган* (Маликов).

**АЖАРДАН** Өңүнө чыгып, татынакай көрүнүштө болуу, көрктөнүү, көңүлдүн көтөрүңкү болгону. *Деди да аппак жүзү ажарданып, Кайыңдай сыйда бою жагалданып* (Абдыраманов). *Шатен Асанга ажардана карады* (Токомбаев). *Суусар тебетей кийген сулуу жигит аны сайын ажардана түшүп кеп баштайт* («Советтик Кыргызстан»).

**АЖАРДАНТ ажардан** этишинин аркылуу мамилеси. *Адамды ажардантар ак пейил, көңүлчөөк киши эле* («Ала-Тоо»).

**АЖАРДАНУУ ажардан** этишинин кыймыл атоочу. *Ажардануу менен көлгө карап телмирип турду* (Баялинов).

**АЖАРДУУ** 1. Өңдүү-түстүү, көрктүү, жакшынакай көрүнүшү бар, сулуу. *Шыңга бойлуу Кыдыр андан бетер ажардуу* (Сасыкбаев). *Ажардуу жүз.* 2. Жүзү жарык, кабагы ачык, жайдары. *Алымкул Калыгулга мурдагысындай эле ажардуу карады* (Абдукаримов). *Элдин моокуму кангандыгы ажардуу жүздөрүнөн айкын көрүнүп турду* (Абдукаримов).

**АЖАРЛАН ажардан** менен бирдей. *Мамбетовдун сүрдүү, суз көрүнгөн жүзү ажарланды* (Бейшеналиев).

**АЖАРЛАНТ** Ажарлуу кыл, көркүнө чыгар. *Тойду дагы уланталы ажарлантып, бул жашоого келбеген соң да бир жолу* (Өмүрканов). *к.* **ажардант.**

**АЖАРЛУУ ажардуу** менен бирдей.

**АЖАРСЫЗ** Өңү суук, ирeңи, көрүнүшү жаман. *Кийми кеткен үстүндөгү бөлүнүп, Ажарсыз эт ар жеринен көрүнүп* (Токомбаев).

**АЖАРСЫЗДЫК** Өңү сууктук, ирeңи, көрүнүшү жаман экендик.

**АЖАТ** Кем-карч, муктаждык, бир нерсеге зарылгандык. *Ээ, жаныбарым, бир ажатка жарар бекенсиң* (Каимов). *Көрсө бул ажаттан чыккан үмүт «Ат коюу» экен* (Даникеев).

**АЖАТ АЧУУ** 1. Бирөөнүн өтүнүчүн, тилегин орундатуу, муктаждыктан куткаруу, керегине жароо. *Ажат ач, мырза Букарбай, айлабыз кыйын жукарды ай* (Бейшеналиев). *Көптүн намысына жарап, ажат ачкыла* (Бейшеналиев). *Ажатын ачтың мындагы Ата менен эненин* (Калык). 2. Эки ортодогу чатакты, чырлуу ишти чечүү, жөнгө салуу. *Сиз да ошентип жүрбөңүз, биздин ажатыбызды ачып, тынышТырып кетиңиз* («Чалкан»). *Далай-далай талаш маселелердин ажатын ача билген бу киши ушул азыр саал кападар* (Эралиев). **В.: Ажаттан чыгаруу.** – *Улукбек мырза, сага кадыр салып келип турам, мени бир ажаттан чыгар* (Жигитов).

**АЖАТКАНА дааратканa** менен бирдей.

**АЖАТТУУ** Бир нерсеге муктаждыгы бар, зарыл болуп турган. *Ажаттуу болуп турганда бир керекке жарап кетти* («Ала-Тоо»).

**АЖГОН** Эфир майлуу техникалык өсүмдүк.

**АЖЕП** *туурасы:* **ажап.**

**АЖЕС** Өжөр. *Ажес кишиге амал болбойбу.*

**АЖИНА ажына** менен бирдей. *Пул бербесең, сарткайым сары, жолуңа түш, ажина тийген бала окшойсуң* (Жусубалиев).

**АЖИО** *саяс.* Базардык курстун нугунда баалуу кагаздардын өз наркынан жогорулап көтөрүлүшү.

**АЖИОТАЖ** Пайда көрүү максатын көздөп, коньюктуранын, сурам жана сунуштун, товарлардын бааларын, акция, облигация, ж.б. баалуу кагаздардын курсун жасалма түрдө кескин өзгөртүүдөн келип чыккан базар иш-аракеттеринин кызуу учуру.

**АЖО** 1. *тар.* Эне-Сайдагы Кыргыз кагандыгынын алгачкы феодализм доорундагы бийлик ээсинин кытай жылнаамаларында эскерилген чини, титулу. *Ошондо ак күп жөжөдөй кары «а улук ажоом, кулак*

*сал! Же өзүңдө акыл болбосо, же жаныңда көптү көргөн бирөө болбосо жолго чыкпа. Жолуң болбойт, көп колуң бөөдө опат болот, акыры өзүңдүн кара башыңа күч келет...» деген экен. Ошондо ажо көп толгонуп, көп ойлонуп, сыр сандыктын түбүнөн акылга баш ийип, «Карынын кебин капка сакта» деп, көп колун жортуулдан кайрып өз жерине жөнөгөн экен* (Касымбеков). 2. Мамлекет башчысы, падыша.

**АЖОЛУК** Хандык, падышалык, мамлекет башкаруучулук. *Атакемди дагы бир мөөнөткө ажолукка шайлансын деп эл суранып атпайбы* (Акматов).

**АЖЫ БЕДЕЛ** Меккеге барбай ажы деген атка конуу («бадел» – «алмаштыруу» деген мааниде).

**АЖЫДААР** 1. *миф.* Жомоктордо учуроочу, адамды, айбанды оп тартып соруп коюучу, каарданса оозунан от чыккан укмуштуу чоң жылан сымак жаныбар. *Мүйүзү бар башында, Токсон кулач узуну Бир ажыдаар көрүнөт* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Башкаларды кыйнап эзген зулум, ырайымсыз душман. *Айтылуу Жаңыл кабылан, Ажыдаарга кабылды* (Тоголок Молдо). *Ажыдаардын тишин чагып кулатты* (Калык).

**АЖЫДААРДЫН КУЙРУГУН БАСУУ** Каарына калуу, кыйыгына калуу, кырсыктуу, чатак ишке туш болуу. *Сооронбай манаптын туушкандарынын кызына таанышканда ажыдаардын куйругун басып, азапка чырмалмак турбайбы* (Бейшеналиев). *Ажыдаардын куйругун басып алыпмын. Аргам түгөнүп, айлам кетип турат (Сыдыкбеков). Аны чакырбасак бир балекет чыгарат, кеңешке албаганыбыз ажыдаардын куйругун баскан менен тең эмеспи? – деди Чаки* (Үмөталиев). **В.: Жыландын куйругун басуу.** *Байкабастан жыландын куйругун басып алып, анык балээге калган экенмин* («Ала-Тоо»).

**АЖЫК I** *диал.* Ажыкыз. *Тыйылбаган ажык тура.*

**АЖЫК II** *диал.* Дөөпүрөс. *Күмүштөн бешик ыргап өт деп ажык болуп отурат.*

**АЖЫКЫЗ** 1. Эркектин да, ургаачынын да жыныстык белгилери бар адам, кызтеке. *Аталанын күчү сага окшогон ажыкыз эркектерди күлгө айландырат* (Абдукаримов). 2. Орунсуз сөздөрдү көп айткан эзме киши. *Аябай ажыкыз неме көрүнөт, көп сүйлөп.*

**АЖЫКЫЗДАН** Орунсуз, дайыны жок сөздөрдү айтып маңыздануу, эзмелөө. *Чегиртке санын бир салып, ажыкызданып катуу күлдү* (Сыдыкбеков).

**АЖЫКЫЗДАНУУ ажыкыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЖЫКЫЙЫК** Жүйөлүү сөзгө көнбөгөн кер аяк, кежир. *Адамдын ажыкыйыгы.*

**АЖЫЛДА** 1. Тынбай асылып үрүү, өжөрлөнүп үрүү (итке карата). *Иттер да ажылдап кокту ылдый кетишти* (Сыдыкбеков). 2. Ачууланып, ээ-жаа бербей сүйлөө, кепкесөзгө келбей, кажылдай берүү. *Апама сөз бербей эле ажылдай бересиңби?* («Жаш ленинчи»).

**АЖЫЛДАК** Ажылдай берме, сөзгө келбей ажылдашма адаты бар. *Кеп жебеген ажылдак неме менин тилимди алабы?* («Ала-Тоо»).

**АЖЫЛДАТ ажылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Ажылдатып эле койсо.., колуңдан эч нерсе келбейт.*

**АЖЫЛДАШ I** Жаман-жакшы айтышып урушуу, бири-бирине сөз бербей ажылдоо. *Кайсы күнү көрсөң, ушулардын үйүндө ажылдаш.*

**АЖЫЛДАШ II ажылда** этишинин кош мамилеси. *Экөөнүн ажылдашканы көчөнүн аркы бетине кадимкидей угулуп турду* («Ала-Тоо»).

**АЖЫЛДАШТЫР ажылдаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Экөөнү ажылдаштырбай, кой деп коёр киши жок болдубу* («Ала-Тоо»).

**АЖЫЛДАШУУ ажылдаш** этишинин кыймыл атоочу. *Куру бекер ажылдашуудан пайда барбы?*

**АЖЫЛДОО ажылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЖЫМОЛУК** *диал.* Тилазар. *Кой дегенди укпаган, ажымолук экен.*

**АЖЫМУЖУК ажымолук** менен бирдей.

**АЖЫН** *диал.* Абысын, абысын-ажын. *Жаңыл ажын келиптир.*

**АЖЫНА** 1. Жин тийген, жинди болгон. 2. Жин, пери. *Ажына моюнга минди деп, Манасым болду жинди деп* («Манас»). *Ажына болгон окшойт, Берик дубананы чакыр* (Бөкөнбаев). *Ажына болгон адамдай, Алдастап издеп таба албай* (Токомбаев).

**АЖЫНАЛА** Ажына тийүүдөн улам жин оорусуна чалдыгуу, ажына болуу. *Ажыналап калгансыңбы?*

**АЖЫРА** 1. Жигинен, бириктирилген жерден бөлүнүп кеткендик, арасы ачылып жарылып калгандык. *Жыгач табактын ажырап калган жерине кадоо салып, арыбери эптеп бере койсоң боло* («Ала-Тоо»). 2. Алыстап кеткендик, бирге болбой, бөлүнүп калгандык. *Каныбек мурунку үйүр алышкан жолдошторунан ажыраган* (Жантөшев). *Бөлүнгөндү бөрү жейт. Элден ажырап, кайда барып жан бакканы жүрөт* (Байтемиров). *Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт* (макал). 3. Кол үзүү, айрылып калуу. *Алтыга толбой ата-энеден ажыраган кызды шаардагы балдар үйүнө өткөздү* (Сыдыкбеков). *Акыл-эстен ажырап, Шашкандагы кербезим* (Токтогул). *Күч-кубаттан ажырап, Боломун бир күн абышка* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сол көзүңдөн ажырап, Сокур болуп калыпсың*

(Токтогул). *Ажырап колдо барынан, Айласы кетти абыдан* (Маликов).

**АЖЫРАГЫС** 1. Бири-биринен айрылгыс, ажырабас, бөлүнбөс. *Алексей менен Аскар ажырагыс дос* (Сыдыкбеков). *Ысык доссуң, ажырагыс, тилектеш* (Мидин). 2. Бирин экинчисинен ажыратып кароого болбой турган, бири-биринен ажырап кетпеген, бир бүтүн деп эсеп кылынган. *Кыргызстандын искусствосу дүйнөлүк искусствонун ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет* («Ала-Тоо»).

**АЖЫРАЛ ажыра** этишинин туюк мамилеси. *Буржуазия жана жумушчу табы деген жик ажыралып, бекем түйүлүп калды* (Сасыкбаев).

**АЖЫРАТ** 1. **ажыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жоого минчү атынан Ажыратып салайын* («Семетей»). *Ажыратып акылдан Маң кылгансың, замана* (Токтогул). 2. Эрди-катынды, досторду ж.б. ажыраштыруу, бири-биринен ажырап кеткидей кылуу. *Ынтымактуу жашай албасаңар, ажыратып коёюн! – дедим мен да алардын кыжылдашканына теригип* («Чалкан»). *Эки досту ажыраткан сен эмес белең!* («Ала-Тоо»). 3. Урушуп, жаңжалдашып жаткан эки тарапты бири-биринен бөлүп коюу, арачалоо. *Казанчы Үкөйдү урганда бирөөлөр ажыратмайынча аюудай мыжыга берчү* (Токомбаев). 4. Бир нерсенин жөнүн, аныкын, эмне экенин, кандай экенин таанып билүү, айырмалоо. *Ким кас, ким дос экенин ажырата билүүгө умтул* («Ала-Тоо»). *Ак менен караны ажыраткансып калдым* (Жантөшев). *Тыйындын канча экенин ажырата албаган момун киши* («Советтик Кыргызстан»). *Колундагы таякпы же жаракпы, ажырата албадык* (Жантөшев). 5. Куткарып калуу, сактап калуу. *Өмүшкө шондо жалындым: Ажыратып албасаң Өлтүрөт деп зарылдым* (Барпы). *Карайлап турган кыргызды Кайнап жаткан калмактан Ажыратып алсын де* («Манас»). *Ажалга бербей алууга, Ажыратып калууга, Айласын элиң таппады* (Үсөнбаев).

**АЖЫРАТТЫР ажырат** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЖЫРАТУУ ажырат** этишинин кыймыл атоочу. *Аларды бири-биринен ажыратуу гана керек.* **Ажыратуу белгиси**

**АЖЫРАТЫЛ ажырат** этишинин туюк мамилеси.

**АЖЫРАШ** 1. Башка-башка болуп ажырап, бөлүнүп кетүү, бирге болбой бөлөк тарапка кетүү. *Балдар көчөнүн башына келгенде көпкө чейин бири-бирин кыйыша албай, амалсыздан ажырашты* («Ала-Тоо»). 2. Ынтымакты, мамилени бузуп, үй-бүлөлүктөн, достуктан ж.б. кетүү, бөлүнүп кетүү. *Аялы менен ажырашкан мен эместирмин* («Ала-Тоо»). *Ажырашар дос ээрдин арткы кашын сурайт* (макал).

**АЖЫРАШ АЯК** Көптөн бери жашаган, кээде иштеген жеринен башка жакка көчүп кетер алдыда коштошуу үчүн элге (тууган-туушкандарына, жолдошторуна) берилүүчү тамак. *Ошол күнү кечинде Айша апа айылдаштарына ажыраш аяк берди* (Даникеев). *Тууган, жек-жааттын башын кошуп, жашыруун ажыраш аяк өткөрүп, саардан жылып жөнөгүлө* (Бейшеналиев). *Ажыраш аякты баштасак кантет?* (Эшмамбетов).

**АЖЫРАШПАС** Ажырашпай турган, ар дайым бирге болуучу, бөлүнбөс. *Ошондон соң ажырашпас болушту Арпа менен жүгөрү* (Борбугулов). *Сергей менен Маруся ажырашпас кишилердей бирине бири жакындай басат* (Сыдыкбеков). *Ажырашпас дос.*

**АЖЫРАШТЫР ажыраш** этишинин аркылуу мамилеси. *Эрди-катынды ким эле ажыраштыра коёюн десин, ынтымагы бузулса ушул экен да* («Чалкан»). *Айгырларды ажыраштырып жылкычылар чапкылашты* (Айтматов).

**АЖЫРАШУУ ажыраш** этишинин кыймыл атоочу. *Эң акыркы ажырашуу элеси, Өз баламдан ысыгыраак көрүнөт* (Осмонов). *Сүйгөн жар менен аз убакытка болсо да, ажырашуу кандай кыйын!* («Жаш ленинчи»). *Экөөнүн ынтымагы, бузулуп, оту күйүшпөй ажырашуунун айласын ойлоно башташты* («Чалкан»). *Ажырашуу жөнүндө иш козгоо.*

**АЖЫРОО ажыра** этишинин кыймыл атоочу. *Акылдан ажыроо. Элден-журттан ажыроо. Жаман адаттан ажыроо.*

**АЖЫРЫК** Жерге төшөлүп, кумдак жерге көп тамыр байлап, чытырман тартып чыгуучу жалпак чөп. *Тогуз төбө, мекери, Ажырык, ак чөп, бетеге, Балтыркан менен кымыздык, Даамдуу чөптү жедирдим* (Тоголок Молдо). *Ажырык бузуп, кыйратып, Жалама жарын уратып, Тоо токойдо чоло жок, Эгин эккен жыргатып* (Элебаев).

**АЖЫРЫМ** Бири-бирине окшобостук, эки башкалык, айырмачылык, биринен экинчиси өзгөчөлөнүп, бөлүнүп туруучулук. *Жаш жагынан ажырымы жок. Оюбуз эки ажырым чыгып калды.*

**АЖЫСЫ КАБЫЛ БОЛУУ** *дин.* 1. Диний түшүнүк боюнча: Мекеге зыярат кылып, пайгамбардын отурган-турган жерин көрүп, мусулмандын бир парзынын өтөөсүнө чыгуу. 2. Мекеге бара жатканда же Мекеден келе жатканда, болбосо Мекеге барганда каза болуу, өлүү. *– Кудайга шүгүр... ажым кабыл болот экен... – деди кыңылдап, ушул сөздөн ыраазы болуу да, өкүнүч, арман да чыкты* (Касымбеков).

**АЖЫТ** Кандайдыр бир нерсенин маанысы, маани-жайы, жөнү. *Ажытымды ачып берер бекенсин?* (Маликов). *Алдан туруп аларды Амалын бүткүл үйрөндүм, Ажытын

*билдим дүйнөнүн* («Манас»).

**АЖЫТЫН АЙРУУ** Дааналап билүү, так-too.

**АЗ I** 1. Көлөм, сан ж.б. жагынан кичине, көп эмес, кемчил жагы бар, жетише бербеген. *Аз, көппү, санабадым күн эсебин, Колхоздо бир нече ирет орулду эгин* (Осмонов). *Жигитке жетимиш түрлүү өнөр аз* (макал). *Өзүң жарды, малың аз Өксөп калды балдарың* (Тоголок Молдо). *Аянтка аз гана киши чыкты* («Агым»). 2. Кыска убакыт. *Аздан кийин чымчыктар такыр эле үйүр алып, Адилет тамак жеген жердеги күкүм-сүкүмдөрдү терип жеп учуп кетишти* (Акматов).

**АЗ II** 1. Тенти, каңгы, бозуп кет. *Азып кетип айылдан Абаке Кошой акыры. Аман көрдүм өзүңдү* («Манас»). *Калкымдан аздым көрүнбөй, Кайгы көп ичтен бөлүнбөй* (Токтогул). 2. Арыкта, жүдөө тарт; өңдөн, эттен түш, жабык. *Көптөн бери жол жүрүп, өзүбүз азып калдык* (Элебаев). *Өңүнөн азып бараткан балага аянычтуу карап, маңдайынан сылап койду* («Ала-Тоо»). 3. Жакырдан, жардылан; түгү жок кедей болгондук. *Азаматтын азганы – көчкөндө жөө басканы* (макал).

**АЗ-АЗДАН** Кичинеден, азыраактан; акырындык менен, шашпастан, аста-секин. *Аз-аздан жылдырып отуруп, жоон карагайды үйдүн жанына алып келдик* («Ала-Тоо»). *Көгөрүп саман аз-аздан, Таңкы тоо укмуш керемет* (Өмүрканов).

**АЗ-АЗДАП аз-аздан** менен бирдей. *Аз-аздап алар да компьютерлериндеги музыка менен бийге тартыла баштаган учур эле* (Акматов).

**АЗ ЖЕРДЕН** Анча-мынча, кичине эле, күтүүсүздөн, кокусунан, болор-болбостон. *Кирпиктерим ымдалышып, ыйлап жибере жаздап, аз жерден калдым* (Мырзаев).

**АЗ-МАЗ** Аз гана, көп эмес, бир аз. *Анаркан эже аз-маз чикирттеп калыптыр.*

**АЗА** 1. Өлгөнгө байланыштуу кайгы-капа, катуу күйүт; ыйлап-сыктап кайгырып, күйүт тартуу салты. *Алты катын азага барса, ар кимиси өз муңун айтат* (макал). *Бул кара кийимин отко таштоо азанын бүткөндүгүн белгилөө эле* (Касымбеков). 2. Өлүккө кеткен чыгым үчүн өлгөн адамдын сөөк-тамыры, туугандары тарабынан берилген кошумча, жардам (мал-мүлк, акча ж.б.). *Белгилүү күлүк жан эле, Катагандын хан Кошой Азага берген мал эле* («Семетей»).

**АЗА БОЮ азат бою** менен бирдей. *Аза боюм титиреп, эки жагымды жалдырай карадым* (Жакыпбеков). *Султанмураттын аза боюн муздак тер басып өзүнөн өзү калтырады* (Айтматов).

**АЗААДА** 1. Таза, пакиза, сыпаа, сымбаттуу. *Азада Дилбар кырчын жан, Ашык болдум сыртыңдан* (Барпы). 2. *сейр.* Жөнөкөй эмес, өзгөчө, тегин эмес, өзгөчө касиетке ээ. *Азаада болгон жан экен* («Манас» С.О.).

**АЗААТ** *туурасы:* **насаат, насият.**

**АЗАБЫН БЕРҮҮ азабын колго берүү** менен бирдей.

**АЗАБЫН КОЛГО БЕРҮҮ** Жазасын берүү, көргүлүктү көрсөтүү, кыйноо. *Аттанабыз черүүгө Сандаалатып калмактын Азабын колго берүүгө* («Курманбек»).

**АЗАБЫН ТАРТУУ** 1. Керектүү нерсенин же бирөөнүн жок болушунан катуу кыйналуу, жапа чегүү. *Азабын тарттым баланын, Көрбөдүм алтын жамалын* (Токтогул). *Бир мингичтин азабын тартты.* 2. Башка бирөөнүн кесепеттүү, кырсыктуу ишинен, жүрүш-турушунан оор абалга дуушар болуу, кыйналуу. *Эси жок бүлөнүн азабын тартып жүрүп, чачым агарды* («Ала-Тоо»). **В.: Азабы өтүү.** *Чайдын азабы өттү. Мына бу сары бучук келиндин азабы өттү* (Сыдыкбеков). *Алибек уулу Назарың, Азабын тартып кор болду* (Барпы).

**АЗАДАР** Аза тарткан, азалуу, кайгы-капалуу (өлгөн адамдын күйүмдүү кишилерине карата). *Алты ай бою азадар болуп, өңдөн азган кез.*

**АЗАЗИЛ** *туурасы:* **азезил.**

**АЗАЙ** Аз болуу, аз көрүнүү, мурдагысынан кемүү. *Тамак-аш азая берди* (Абдукаримов). *Азайып үн, Мелтиреп түн, Сүрү токтоп эл жатты* (Токобаев). *Жумуш азайып, бош жүрүү көбөйө баштады* («Ала-Тоо»).

**АЗАЙТ азай** этишинин аркылуу мамилеси. *Обондун олуя кайрыгы Азайтат азыркы кайгыны* (Өмүрканов).

**АЗАЙЫМ** Сыйкыр, дуба, жай, жайлоо.

**АЗАЛ** Эчак, эчактан бери. *Азалда нике буюрса, Алсам деп сенде тилегем* (Тоголок Молдо).

**АЗАЛА** Өлгөндүн жакындарына көңүл айтып баруу, азасын бөлүшүү (киши өлгөн үйгө куда-сөөгү, көңүлү жакын адамдары мал жетелеп же бир нерсе алып барып көңүл айткан көрүнүш). *Тайторуну Манас өлгөндө Кошой алп азалап алып келгендиги Каныкейдин сөзү аркылуу берилет* («Манас» энциклопедиясы»). *Баласын азалап бардык.*

**АЗАЛАТ азала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗАЛОО** Жакыны өлсө көңүл айтып, мал жетелеп же бир нерсе алып баруу салты; азасын бөлүшүү.

**АЗАЛУУ** Аза күтүп отурган, азасы бар; кайгылуу. *Ашыр азалуу жорукту сыртк ы түрү менен сездирди* (Сасыкбаев).

**АЗАМАТ** 1. Жашы толуп, баралына келген жигит. *Сен азамат болуп калган турбайсыңбы?* (Абдукаримов). *Чоңоёрсуң эр жетип, Азамат болуп, бел чечип* (Осмонов). 2. Ар кандай иште чечкиндүүлүктү, белсем-

дүүлүктү көрсөткөн, эрдиги бар мыкты сапаттагы адам. *Азамат болсо, намысын алдыра койбос* («Ала-Тоо»). 3. Биреөнүн ишин, жүрүш-турушун, эрдигин, чечкиндүүлүгүн жактырып, мактоо иретинде айтылган сөз. *– Азаматсың! Ушундайыңдан жакшы көрөм сени* (Байтемиров).

**АЗАМАТТЫК** Ар кандай иште чечкиндүүлүк, белсемдүүлүк көрсөткөндүк, жигердүүлүк, азамат деп айтарга татырлык жакшы сапат, адамгерчилиги барлык. *Азаматтык кылды деп, Ар ким айтат аркаңда* (Токтогул). *Азаматтык үчүн алкыш жарыялайм* («Ала-Тоо»).

**АЗАМАТЧЫЛЫК азаматтык** менен бирдей. *Ушуга калганда азаматчылык кылдың.*

**АЗАН-КАЗАН** Элдин кызуу кыймылынан, ызы-чуусунан пайда болгон опур-топур, бака-шака. *Катын-калач жыйылып, үйдүн ичи азан-казан болуп кетти* (Сасыкбаев). *Азыр эле тынч жаткан капчыгай машиналар келгенде азан-казан боло түштү* (Сасыкбаев).

**АЗАНА азына** менен бирдей. *Айгыр болсо бир атың, Алты күнү тоюнса, Акырды бузат азанап* (Осмонкул).

**АЗАП** Оор абал, кыйынчылык; кыйноо, жапа. *Азап менен өткөрдүм Айдалып жүрүп өмүрдү* (Токтогул). *Мен кырчын кезимде сенден да катуу кордук көрүп, азап чеккем* (Бейшеналиев). *Көрбөгөн азабым калган жок* (Токомбаев). *Күчөп кемпир желди эле, Күчкө сала берди эле, Бул жалгандын азабын Элеман бай көрдү эле* («Эр Төштүк»).

**АЗАП ЧЕГҮҮ** Кыйналуу, санаа тартуу, убаралануу, жапа чегүү.

**АЗАПТА** Азап көрсөтүү, кыйноо, жапа чектирип алын кетирүү. *Мыжыгат жаш денени улам-улам Азаптайт алкымынан канын соруп* (Үмөталиев).

**АЗАПТАН азап** менен бирдей. *Канча азаптанса да, максатка жетпей, санаасы орундалбай, арманда калар заман небак өтпөдүбү* («Ала-Тоо»). *Азаптандым, айыга албай нес болдум* (Байзаков).

**АЗАПТАНДЫР азаптан** этишинин аркылуу мамилеси. *Мени курулай азаптандыргандан сага мүйүз чыгабы* («Чалкан»).

**АЗАПТАНТ азаптандыр** менен бирдей.

**АЗАПТАНУУ азаптан** этишинин кыймыл атоочу. *Азаптануу менен айла кылар болсок кылат элек го, андан пайда болбогону көрүнүп турбайбы* («Ала-Тоо»).

**АЗАПТУУ** Кыйынчылыгы көп, азап тартма, оор. *Айдалып жүрдүм Сибирде Азаптуу жаман турмушта* (Токтогул). *Азаптуу мүшкүл болсо да, Акылынан шашпаса, Жоокердин көркү жүрөктө* (Жантөшев). *Азаптуу оор күн кетер, Азаттык бир күн жарк этер* (Барпы).

**АЗАР I** Азап, кыйынчылык, кысымчылык. *Аалам кылды жаныма, Армандуу жаштын азары* (Тоголок Молдо). *Кожоюнум Өмүрбек Азары мага болду көп* (Барпы). *Кудай келиндүү кылса, асти ага азар көрсөтпөйүн* (Мавлянов). *Ат жалын тартып минели, Көрбөгөн ара азарды* («Эл адабияты»).

**АЗАР II** туурасы: ***назар.***

**АЗАР БОЛСО** Көп болсо, эң эле ашып кетсе, эң эле кыйратканда. *Азар болсо төрт түлүктүү малды аларсың, Төрдөгү сандыкты не кыларсың* (фольк). *Азар болсо сотко барарсың* (Маликов).

**АЗАР ТҮМӨН** Сансыз, эсепсиз, чексиз көп. Эл арасындагы кеңири кабыл алынган түшүнүк боюнча «азар түмөн» сандык өлчөмдүн жеткен чеги. *Азар түмөн кол тартып* («Манас», С.О.). *Азар-түмөн жан деди* («Манас», С.О.). *Азар түмөн Бээжиндин Аскери ага караган* («Манас», С.О.). *Зарып кылдым азыкка Азар түмөн малымды* («Сейтек»). *Азар түмөн көпчүлүк, Арбын балбан салбады* («Манас»).

**АЗАРЛАН** Күйүп-бышып азаптануу, азар тартуу, кыйноого түшүү. *Ким билет, дартка чалдыгып, ошого кабагы бүркөлүп, азарланып жүрөбү!* (Убукеев). *Ак куу кебиң кийинип, Азарланып күйүнүп, Азып келген экенсиң* («Сейтек»).

**АЗАРЛАНТ азарлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗАРЛАНУУ азарлан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЗАРМАН:** ***азармандан безерман болуу*** Өзүнө жакын жуутпай, жаа боюу качуу, кагынып-силкинип жолотпой коюу. *Ал жөнүндө уккум да келбейт деп, Бурма азармандан безерман болду* (Каимов). *Чехтерге барып, мылтыгымды оңдошуп, оюмду айтып келем, – деп аттанганда аялы азармандан-безерман болгон* (Ашымбаев). **В.: Азар-безер болуу.** *Ак суу ичемин десем, чоң энем азар-безер болуп... эркиме койбоду* («Ала-Тоо»).

**АЗАРТ** Бир нерсеге абдан кызыкканда делебенин козголуусу, өтө кумардануу.

**АЗАТ** 1. Эзүүдөн, көз карандылыктан кутулган эркин абал. *Мындай азат заманды Ата-бабаң көргөн жок* (Тоголок Молдо). *Кан соргуч мителерден азат кылды Эң обол зар ыйлаган тууган жерин* (Маликов). *Корголор кезиң бул эмес, Азатта башың, кул эмес* (Токомбаев). 2. Адамдын камактан, туткундан ж.б. бошонуп чыккан абалы, боштондугу, эркин абалда жүрүшү. *Болуптур! Азат болсун бектер. Бир кишиден башкасы азат болсун* (Касымбеков).

**АЗАТ БОЮ** Бүт денеси, бүткөн бою. *Булар эмнени айтып азат бою тик туруп жатат* («Чалкан»). *Каарын төгүп күркүрөп, Караанын көргөн баатырлар Азат бою дүркүрөп* («Сейтек»). *Азат боюң тик турат.*

**АЗАТ БОЮ ТИК ТУРУУ** Капысынан, күтүлбөгөн жерден катуу коркунучка дуу-

шар болуп, калтырак басуу, катуу дүүлүккөн абалга келүү. *Бул кыз Нина экендигинен эч кандай күмөн санабаган Осмондун азат бою тик туруп, аз жерден кыйкырып жибере жаздады* (Саатов). *Мына ошондо анын кебете-кешпири ачык көрүнүп, Макмалдын азат бою тик турду* («Советтик Кыргызстан»). *Кечээ эле Нуруйланын колтугунан чыкпай жүрүп, эми минтип аны табалап жатканына азат боюм тик турду* (Бердикеев). **В.: Азат бою дүркүрөө.** *Тикбайдын азат бою дүркүрөп, мунун тузун эки эсе татыта албасам... атым өчсүн дейт* (Осмоналиев). *Канчоро көк камандай күркүрөп, көрүп турган пенденин Азат бою дүркүрөп* (Сейтек). **Азат бою калтааруу.** *Көзү ымыр-чымыр болуп, заматта азат бою калтаарып чыкты* (Даникеев). **Азат бою калтылдоо.** *Айбатын көргөн адамдын, Азат бою калтылдап* (фольк).

**АЗАТТЫК** Боштондук, эркиндик, көз каранды эместик. *Азаптуу оор күн кетер, Азаттык бир күн жарк этер* (Барпы).

**АЗАТЧЫЛ** *сейр.* Эркиндик, боштондук үчүн күрөшүүчү, азаттык күрөшүн жүргүзгөн. *Азатчыл калың элди канга сүйрөп, Шум ажал оозун ачып, канга батты* (Токомбаев).

**АЗАЮУ азай** этишинин кыймыл атоочу. *Эртеден бери топураган элдин карааны азаюуда* («Ала-Тоо»).

**АЗБАС АЗЫК, ТОЗБОС ТОН** Ар дайым, такай керегине жарай турган, пайдалана турган кенч деген сыяктуу мааниде. *Букаралар чынында эле зулумдардын, анын жан-жөкөрлөрүнүн ган эмес, ак падышанын да азбас азыгы, тозбос тону* (Бейшеналиев).

**АЗГАН-ТОЗГОН** Жолдон, турак жайдан адашып оогон, бараар жери жок, азап тарткан, кыйналган. *Азган-тозгон болсо эле ушул жолдо болор.*

**АЗГАНАКАЙ** Аз эле, бир аз. *Азганакай журт элек, Жерге таптап кетет го* («Манас»).

**АЗГАНТАЙ** *сүйл.* Аз эле, аз гана. *Жыйындан бөлүнгөн азгантай караан токтолбой алыстап баратты* (Касымбеков).

**АЗГЫН I** Жабыр тарткан, арыктаган, алы начар. *«Азгын экен, кантер экен бала» – деп, Сен үшкүрдүң күн кыскасын болжолдоп* (Осмонов). *Самсаалап кийми жыртык, ирени азгын* (Үмөталиев). *Азгын адам.*

**АЗГЫН II** Жолдон чыккан, бузулган. *Ат азгыны – жорго, адам азгыны – молдо* (макал).

**АЗГЫН III** Бетке агыш так болуп түшкөн тери оорусу.

**АЗГЫР** 1. Биреөнү өз оюна көндүрүү, кызыктырып өз тарабына тартуу, макулдатуунун, ынандыруунун аракетин кылуу. *Ашым канча азгырса да Көсөлдү айныта албады* (Каимов). *Анткор калмак азгырып, Алдаганын карачы* («Курманбек»). 2. Жаман, терс жолго салуу же бузук ишке баштоо. *Арабызда азгырган Алдамчы бар дечү эле* (Токтогул). – *Төрөм, мен жолдон адашкан, бузуку жаман кишинин азгырган тилин алчу эмес элем! – деди Таабалды* (Бектенов). *Ар кимди дөөлөт азгырат* (Эралиев).

**АЗГЫРГЫЧ** Азгыруучу, азгырып жаман жолго баштоочу, айнытып, бузуп жиберме. *Кайдагы бир азгыргыч шайтан неме окшойт* («Чалкан»).

**АЗГЫРМА азгыргыч** менен бирдей.

**АЗГЫРТ азгыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗГЫРУУ азгыр** этишинин кыймыл атоочу. *Адам азгырууга аттанып түшкөндөр бар эмеспи* («Ала-Тоо»).

**АЗГЫРУУЧУ** Азгырып бузма, жаман жолго салуунун аракетин кылган бузуку киши. *Ак пейилдүү адамды, Азгыруучу шумдукту айт* (Барпы).

**АЗГЫРЫК** Биреөнү азгыруу, айнытуу, жаман жолго баштоо үчүн кылынган аракет, айла, амал. *Бизде бай-манаптардын азгырыгына кирип алып колхоздон безип жүргөндөр бар* (Элебаев).

**АЗГЫРЫЛ азгыр** этишинин туюк мамилеси. *Жаш эмеспи, азгырылып кеткиси бардыр* (Убукеев).

**АЗГЫРЫЛМА** Азгырылып кетме, азгырыкка көнө коймо, оомалык жайы бар. *Азгырылма киши.*

**АЗДАН: аздан кийин** Кыска убакыт өткөндөн кийин, бир аз убакыт өткөндөн кийин. *Аздан кийин Абдылданыкына чар тараптан самсып эл келе баштады* (Байтемиров).

**АЗДАП** Аз-аздан, кичинеден, анчамынчалап. *Ата-эне айткан керээзди аздап эске сала жүр* («Мендирман»).

**АЗДЕК** Өтө жакшы көрүп ардактагандык, ыйык көргөндүк, урматтагандык.

**АЗДЕКТЕ** Өтө жакшы көрүп ардакта; ыйык көрүп этиятта, урматта.

**АЗДЕКТЕЛ аздекте** этишинин туюк мамилеси. Жакшылап сактал, этияттал. *Айрыкча шаңдуу чыгып аздектелди ак үйдө – Вашингтон калаасында* (Мамеев).

**АЗДЕКТЕТ аздекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗДЕКТӨӨ аздекте** этишинин кыймыл атоочу.

**АЗДЫК** Аз экендик, жетишсиздик, көп эместик, жетиштүү эмес абалда болгондук. *Акылынын аздыгыбы же жаштыгыбы, айтор, бул маанилүү ишти колго алып кетүүгө жарабады* («Ала-Тоо»). *Материалдын аздыгы, фактылардын көбүрөөк топтоло бербегендиги ишке тоскоолдук кылды* («Ала-Тоо»). *Аздык кылат отунуң, Отунга ылдам*

*барып кел* (Тоголок Молдо),

**АЗДЫР аз II** этишинин аркылуу мамилеси. *Басып жүрөм деним соо Аздырдым дене этимди* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ушак-айың кеп уксаң, Көңүлүңдү аздырба* (Токтогул).

**АЗДЫР-КӨПТҮР** Болушунча, болгонунча, колдон келишинче. *Куралып келет колуңа Аздыр-көптүр дүйнө мал* (Токтогул). *Аздыр-көптүр жолуңарды кылам* (Жантөшев). *Азамат болсоң ак иштеп, Аздыр-көптүр малың бак* (Токтогул).

**АЗЕК-МАЗЕК СӨЗ** *сейр.* Күлкүлүү, тамашалуу кеп, күлкү, тамаша үчүн айтылган кеп. *Азек-мазек сөз айтсак, Кайыр элек, кыз бала* (Тоголок Молдо).

**АЗЕЛ** *диал.* 1. Эзелден, эчактан бери, жаралгандан эле. *Азелде болгон жазууну Нак ушул жерде көрөйүн* («Манас»). 2. *өт.* Эч бир, такыр. – *Бейнамаз! Бейнамаз башкарган ордонун касиети болбой... Иши азели алга кетпейт... Ойлон, уулум. Жакшы ойлон...* (Касымбеков).

**АЗЕЛДЕ** *туурасы:* ***эзелде.***

**АЗЕЛИ** *диал.* ***эзели.***

**АЗЕМ** 1. **асем** менен бирдей. Жагымдуу, сонун, көркөм, кооз. *Ынак бир азем жыт сезилип турган* (Касымбеков). 2. *өт.* Шааншөкөт менен өткөн жыйын, салтанаттуу түрдө сыйлык (орден медаль, ж.б.) тапшыруу. *Аземге карапайым эл жакын жолотулган жок* («Кыргыз Туусу»).

**АЗЕМДЕ** Шөкөттө, кооздо, көрктө.

**АЗЕМДҮҮ** Жагымдуу, эң бир сонун, кооз. *Ак булак чертет комузун Аземдүү күүсүн чыгарып* (Жеңижок).

**АЗЕРБАЙЖАНДАР** *ж. с.* **азербайжан.** Азербайжан Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АЗИЗ I** 1. Ардактуу, кадырлуу, ыйык, кымбат, аздек. *Азиз башым кор болгон Атадан жалгыз бала элем* (Токтогул). *Мында алыстан келген азиз меймандарыбыз отурушат* (Таштемиров). *Кечирип кой, жандан азиз окуучум, Күнөө болсо көп кечигип калганым* (Үмөталиев). 2. *өт.* Олуя, ыйык, касиеттүү. *Андай азиз бала үчүн* («Манас» С.О.). *Азиз энем Алтынай* («Манас» С.К.).

**АЗИЗ II** Сокур, көзү кароо. *Келиним өткөн жылы өлгөн. Көзүм азиз. Каралашар адамым жок* (Жантөшев). *Кыймылдабай бөтөн, азиз адамдай, Ал сүйлөдү чарчагандай, солгун жай* (Токомбаев).

**АЗИЗ III** Жылан деген сөздү тергөөдө колдонулат.

**АЗИЗДИК I** Ардактуулук, кадыр-барктуулук, касиеттүүлүк. *Алданын сүйгөн жакыны Азиздигин билейин* (Токтогул).

**АЗИЗДИК II** Сокурдук, эки көзү тең көрбөй калгандык.

**АЗИК** *туурасы:* ***назик.***

**АЗИЛ** Тамаша; күлкү үчүн тамашалап айтылган куйкум сөздөр. *Коюңузчу, азил айтууга кыйынсыз* («Ала-Тоо»). *Ашыкмын десем апкаарып, Азилге буруп сүйлөдүң* (Байзаков). *Туш-туштан азил сөздөр айтылып, дутардын күңүрт гана үнү чыгат* (Абдукаримов).

**АЗИЛДЕ** Азил айтуу, тамашалоо. *Бул анын азилдеп гана айткан сөзү эле* (М.Үсөн).

**АЗИЛДЕШ** Тамашалашуу; бири-бирине азил сөз айтышкандык. *Өткөн-кеткен тааныштар менен азилдешип сүйлөшө баштайм* (Абдукаримов). *Теңтуштарым азилдешип да, өзүм да кепке салып иниңиздин оозунан акылдуу кеп уга албадым* (Сыдыкбеков). *Тоозак томаяк Мансур менен каадасынча азилдеше кетти* (Абдукаримов).

**АЗИЛДЕШҮҮ азилдеш** этишинин кыймыл атоочу. *Калыбек азилдешүүгө, чаргытып сүйлөөгө жок эле* (Каимов).

**АЗИЛКЕЧ** 1. Тамашакөй, азил айтып тамашалаганды жакшы көргөн, күйдүргү сөздүү киши. *Бул ушундай азилкеч, жолдош командир* (Жантөшев). 2. Азил айтышып, тамашалаша турган курбу-курдаш, теңтуш. 3. ***Асылкеч*** менен бирдей. *Азилкеч жарым болсочу деген ой келди* («Ала-Тоо»).

**АЗИМ** Белгилүү, даңктуу, улуу даражалуу, урматтуу. *Азим шаар калаамды, Билип турган чагында («Жаңыл Мырза»).*

**АЗИМУТ** Меридиан жазылыгы менен белгилүү бир жактын тик жазылыгынын бурчу.

**АЗИЯ** Жер шарынын Чыгыш жарым шарындагы чоң материк.

**АЗИЯЛЫК** Азия жеринде туруучу калк, адам.

**АЗИЯЛЫКТАР** *ж. с.* **азиялык.** Азияда жашаган калк.

**АЗИЯТ** 1. Азиянын жергиликтүү тургуну.

**АЗОО** 1. Адамга карматпай, байлатпай же жакын жолотпой качма; үйрөтүлбөгөн, чалпоо, жоош эмес. *Козу чагында көгөнгө байланбаган азоо койлор бирөөнүн колу тийсе, асман бою секирет* (Жантөшев). *Кер кашка баш болуп, тандалган азоолордон туура отуз ат фондуга коюлду* (Сыдыкбеков). *Укурук салбас азоолор Жүгөндөп минсең көнүгөт* (Токтогул). 2. *өт.* Ыргыштамасы бар, жөнгө көнбөс, кыялы чатак, чалпоо (адамга карата). *Көптөн күткөн тилек ушул ойдогу, Азоо болбо – сурайт сенден энекең* (Үмөталиев).

**АЗООЛОК азыноолак** менен бирдей. *Чуучуу азоолок тынчтана түштү* (Бейшеналиев). *Курсанттарымдан азоолок күнгө кеч калдым* (Бейшеналиев).

**АЗООЛОН** 1. Азоолук кылуу, чалпоолонуу, азоо тарта баштоо (малга карата). 2. *өт.* Шоктонуу, бой бербей ыргыштоо

(адамга карата). *Алда жеңе, азоолонбой Угуп көрчү кебимди* (Бөкөнбаев).

**АЗООЛУК** 1. Азоо малга таандык сапаттар, үйрөтүлбөгөндүк, чалпоолук. 2. *өт.* Ээжаа бербегендик, эпке көнбөй ыргыштай берүүчүлүк, чалпоолонуп кетүүчүлүк (адамга карата).

**АЗОТ** Абанын тутумунун негизги бөлүгүн түзүүчү, түссүз, жытсыз газдан турган химиялык элемент (бул өсүмдүктөрдүн азыктануусуна керектелүүчү негизги элемент болуп саналат).

**АЗОТТУК азот** дегенге таандык.

**АЗОТТУУ** Азоту бар, азот аралашкан.

**АЗСЫН** Аз болуп көрүнүү; аз деп, жетишсиз деп эсептегендик.

**АЗСЫНТ азсын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗСЫНУУ азсын** этишинин кыймыл атоочу.

**АЗУУ I** Жаактын түп жагындагы чоң тиштер. *Эл да жетип жырткычты жыга чабышты. Терисин сыйрып, азууларын чагышты* (Борбугулов).

**АЗУУ II аз II** этишинин кыймыл атоочу. *Өңүнөн азуу.*

**АЗУУ САЮУ** Азуу тиши чыгып, беш жашка толуу (жылкыга карата). *Азуусун сайып карыбайт* («Семетей» С.К.). *Жылкы асыйында азуу саят.*

**АЗУУЛУУ** 1. Азуусу бар. *Азуулуудан – кепшебес, аркалуудан – оонабас* (табышмак). *Азуулуудан Ак тайган, Арып болгон кези экен, Бир кишиге билинбей, Кайып болгон кези экен* («Сейтек»). 2. Жырткыч. *Азуулуу жолборс жолобой* («Сейтек»). *Улуу кол башчы... Күнбосунду алып, аңдары мол, азуулуулары арбын Каңгай тоосуна барып, ит агытып, куш салып, черин таратты* (Субанбеков). 3. *өт.* Залим, зулум, канкор, шылуун. *Абдыракман тап күрөшүнөн кайнап чыгып, азуулууга алдырбай турган белдүү активдин бири* (Каимов).

**АЗУУСУ КАНДУУ** Адамга жакшылык кылбаган, зулум, мыкаачы. *Өзүңдүн калпаңдай азуусу кандуу зулумдар четинен кармала, айдала баштады* (Бейшеналиев).

**АЗУУСУН АЙГА БҮЛӨГӨН** *к.* **Азуусун айга жаныган.**

**АЗУУСУН АЙГА ЖАНЫГАН** 1. Каарын төккөн, жаалданган, заарын чачкан. *Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка жакты* (Бейшеналиев). *Кезинде азуусун айга жаныган Арстанаалы кылычынын курчтугун байкаш үчүн адамдын башын алдырган экен* (Сыдыкбеков). 2. Кайраттуу, эч нерседен кайра тартпаган, өткүр, өктөм. *Азуусун айга жаныган эр-азаматтарыбыз мелдеште жеңип чыгышты* (Осмоналиев). **В.: Азуусун асманга кайраган.** *Назгүл Сейнепти азуусун асманга кайраган таш боор, тажаал го деп ойлогон* (Бейшеналиев). **Азуусун айга бүлөгөн.** *Азуусун айга бүлөгөн канкордун тукуму астыртан эл ичин бүлдүрүүгө аракеттене баштады* (Каимов).

**АЗУУСУН КАЙРОО** Кекенүү, кек сактоо, каршыгып калуу. *Ички-тышкы душмандар жаш бийликке азуусун кайрап жаткан кез* (Сасыкбаев).

**АЗУУСУН ЧАГУУ** Көргүлүктү көрсөтүү, акесин таанытуу, адебин колуна берүү. *Ээн жердин камандарын Жалий мырза көкүтүп, парага түйтүнүп жүрсө, Ысагың экөөң, кантип азуусун чактыңар!* (Бейшеналиев). *Канча жыл кармашып, Келдибек уулунун азуусун чаккан Касымбек бир акындын айласын табаар* («Ала-Тоо»).

**АЗУУСУНАН ЧАЛУУ** Карый баштоо, жашы өтө түшүү, карылыкка моюн сунуу. *Оозунда бүтүн тиш калбай, Азуусунан чалыптыр* (Токтогул).

**АЗЧЫЛЫК** Кандайдыр бир топтун аз тарабы, аз бөлүгү, аздык, көп эместик. *Бул сыяктуу кийим жана жарактар жортуулга аттанып жүргөндөрдүн азчылыгында гана бар эле* (Жантөшев).

**АЗЫЗ** *туурасы:* **азиз.**

**АЗЫК** 1. Азыктанууга жумшалуучу ар кандай заттар, тамак-аш, жем. *Ай сайын азык жеткирип, Азап тартып куурадым* (Тоголок Молдо). *Арпа, буудай, ак сулуу Азык кылчу даны бар* (Осмонкул). *Боз таркылдак, таранчы Кыргыектин азыгы* (Тоголок Молдо). 2. Өсүмдүктөрдүн азыктанышына керектүү заттар, жер семирткичтер. 3. Азык-түлүк үчүн өндүрүлгөн ар кандай продуктылар. *Кондитер азыктары. Сүт азыктары* (быштак, сыр ж.б.). 4. *өт.* Бир нерсени өндүрүүгө, курууга, жаратууга керектелүүчү негизги материалдар. *ГЭС курулушунун зарыл азыгы – бетон* (Сасыкбаев). *Тоголок Молдонун өмүрү, чыгармачылык жолу далай диссертацияга, монографияга азык болор* (Бейшеналиев). 5. *өт.* Кубат, күч, дем. *Эмгек – ырыстуу турмуштун азыгы* (Абдукаримов). *Атакеси жыттаса, Алты айлык кубат азыктай* (Үмөталиев). *Музыка – жан азыгы, жүрөк кылы* (Маликов).

**АЗЫК-ТҮЛҮК** Ичип-жегенге керектеле турган ар кандай тамак-аш продуктылары, тамак-аш үчүн жумшалуучу, керектелүүчү ар кандай азык заттар. *– Азык-түлүгүм өзүмдө, – деп канжыгасындагы куржунун карап Былыкбаев жасакерленди* (Убукеев). *Аябастан ар түркүн Азык-түлүк алалык* («Семетей»). *Азык-түлүк товарлары. Азык-түлүк дүкөнү.*

**АЗЫКТАН** 1. Тамак-аш ич, тамактан; курсакты тойгуз. *Түшкө азыктанып, бир аз эс алып, андан соң кечке чейин иштедик* («Ала-Тоо»). 2. Өсүмдүктөрдүн керектүү азык заттарды алып, тамактанып өсүү процесси. *Тамырлары аркылуу өсүмдүктөр*

*азыктанып, көктөп өнөт* (Сыдыкбеков).

**АЗЫКТАНДЫР азыктан** этишинин аркылуу мамилеси. *Жер семирткичтер мол болбосо кант кызылчасын эмне менен азыктандырар элек* («Советтик Кыргызстан»).

**АЗЫКТАНДЫРУУ азыктандыр** этишинин кыймыл атоочу. *Кызылчаны суюлтуу бүткөндөн кийин, бир катар аянтты химиялык жер семирткичтер менен азыктандыруу керек* («Советтик Кыргызстан»),

**АЗЫКТАНУУ азыктан** этишинин кыймыл атоочу. *Өсүмдүктөрдүн азыктануу-суна керектүү заттар.*

**АЗЫКТУУ** Азык заттуу, тамак-аштуу.

**АЗЫКТУУЛУК** 1. Азык болуу сапаты, азыкка жарарлык касиеттери болгондук, бар экендик. *Жердин азыктуулугу жогору экен.* 2. Көбүрөөк азык өндүрүүгө, мол азык зат берүүгө жарамдуулук. *Малдын азыктуулугун жогорулатуу.*

**АЗЫМ азим** менен бирдей.

**АЗЫН: азын-көбүн** Аздыр-көптүр. *Азын-көбүн мал айдап, Алдына түшүп ээрчитип, Кайнына алып барбадым* («Саринжи-Бөкөй»).

**АЗЫНА** 1. Элирип катуу кишенөө. *Алда кайдан азынаган жылкынын, үргөн иттин үнү угулат* (Жантөшев). *Айгырлар азынап, кездешкен жерде алышып, жеңгени жеңилгендин үйүрүндөгү байталдарды өз үйүрүнө кубалап кетип жатты* (Айтматов). 2. *өт.* Катуу үн салып айкыруу, бакырып сүйлөө. *Бала-бакырадан уялбай эле азынай бересиңби* («Ала-Тоо»).

**АЗЫНАТ азына** этишинин аркылуу мамилеси. *Айгырыңды азынатпай, алысыраак алып барып байласаңчы* («Ала-Тоо»).

**АЗЫНАШ азына** этишинин кош мамилеси. *Айгырлар азынашып бири-бири менен алыша турган болгондо эки бөлүп жибердик* («Ала-Тоо»).

**АЗЫНООЛАК** Бир аз, анча-мынча, анча көп эмес. *Жаңыбай азыноолак малын өзү баккан адам эле* (Жантөшев). *Жаш келин менен жигит азыноолак гана сүйлөшүүгө чамалары келди* (Бектенов).

**АЗЫҢКЫ** Өңүнөн бир аз азган, арыктаган, жүдөө тарткан. *Каныбектин каштары түйүлүп, кабактары бүркөө, өңү азыңкы* (Жантөшев).

**АЗЫҢКЫРА** Өңдөн бир аз азуу; бир аз арыктагандык, жүдөө тарткандык. *Өңүңөн азыңкырап калыпсың.*

**АЗЫҢКЫРАТ азыңкыра** этишинин аркылуу мамилеси *Бөөдө кайгы баланы бир аз азыңкыратып жиберди* («Ала-Тоо»).

**АЗЫР I** Дал ушул учурда; эми, ушул кезде. *Азыр тамашага анча аралашпай ойлуу келаткан Мыскал көп болсо анда алты жаштадыр* (Сыдыкбеков). *Азыр айтпай бул сөздү Коёлук биз жашырып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АЗЫР II** 1. Даяр, дайым даяр. *Кара чаар бир жолборс Азыр болуп калыптыр* («Манас»). *Деп Элеман чамынып, Балдарынын баарына Катын алып берүүгө Азыр турду камынып* («Эр Төштүк»). 2. Сак, этиет. *Артыңда болсо Табылды, Азыр бол деп айтып өт* («Эр Табылды»). *Талаада жүргөндө атыңа азыр бол. Уурдатып жибересиң.* 3. Макул. *Пайгамбар барына азыр* (Макал).

**АЗЫР ЖООП** Айткан ишти ошол замат аткара койбогон, анча ишенчиликтүү эмес, кежирлик жагы бар. *Ошондон улам атасы Езефтин нары кара жумушка жармачтыгын, нары азыр жооп экендигин байкоочу* (Ашымбаев).

**АЗЫРААК** Көп эмес, бирок өтө аз эмес. *Мен азыраак жаштык менен оорулуу* (Эралиев).

**АЗЫРКЫ** Ушул кездеги, ушул азырдагы, ушул учурдагы, эмки. *Азыркы күндө ар ишти Акыйкат менен текшерди* (Осмонкул). – *Азыркы айтар кебим, – деп баштады аксакал, – эртеңки ат чабыш жөнүндө* («Ала-Тоо»). *Азыркы кыргыз тили. Азыркы эл аралык абал.*

**АЗЫРКЫСЫН** Ушул күндө, ушул кезде, азыркы убакта. *Акишим азыркысын да силерден тың* (Сыдыкбеков). *Азыркысын чоң кула ат, Бир күнчүлүк эти бар* («Манас»).

**АЗЫРЛА** Даярдоо, даяр кылуу, белендөө. *Акбар кийинип орто бөлмөгө чыкса, Нестан чай азырлап жүргөн экен* (Убукеев).

**АЗЫРЛАН азырла** этишинин туюк мамилеси. *Алооке деген душман деп, Азырланып күтүнүп* («Манас»).

**АЗЫРЛАТ азырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЗЫРЛОО азырла** этишинин кыймыл атоочу.

**АЗЫРТАДАН азыртан** менен бирдей.

**АЗЫРТАН** 1. Эмитен, ушул баштан. *Алдыңкы чарбалар үйдү борго семиртүүнү ушул азыртан уюштурушту* («Советтик Кыргызстан»). 2. Учурунан эрте, убагы келе электе, күн мурунтан. *Азыртан боюң көтөрбөй, Абалы кыздан сыр сура!* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АЗЫРЧА** *диал.* **к. Азырынча.** *Азырча калктын ыгына карап, сен жакшы, мен жакшы менен турсакпы?* (Касымбеков).

**АЗЫРЫНЧА** 1. Ушул кезде, ушул убакта. *Азырынча бардыгы өз жайында* (Жантөшев). *Азырынча бул короодон жүз кой кыркылды* (Жантөшев). 2. Убактылуу, бир аз убакытка чейин. *Газетабыз азырынча элге тегиз таратылат* («Эркин тоо»). *Азырынча камырабай жата бер* (Каимов). *Атам менен Эсен акем азырынча караанды көбөйтүп, биз менен иштеше турсун*

(Жантөшев).

**АЗЫТ азыткы** менен бирдей. *Азытка кирсең азарсың. Аныктап кара басарсың, Акылыңдан шашарсың* («Манас»).

**АЗЫТ** *диал.* Азгыр. *Азытып алып кетпедиби.*

**АЗЫТКЫ** 1. Азгыруучу, азгырып башка жолго буруп кетүүчү. *Арада шайтан азыткы, Айнытып бизди кетер дейм* (Тоголок Молдо). *Кетериңде, дүнүйө, Азыткыдай алдайсың* (Токтогул). 2. Азгырып кетме, азгырма. *Азыткы жолго түшпө, балам* («Ала-Тоо»). *Албарсты болсо айдайын, Азыткы болсо жайлайын* («Эл адабияты»).

**АЗЫТКЫЧ** *диал. миф.* Ээн талаада, тоо арасында адамды азгырып кете турган жандык. *Азыткычтай алдаба.*

**АЙ I** 1. Күндүн чагылышкан нуру менен жарык болуп туруучу асман телосу, Жердин жандоочусу. *Ай чачырап, жылдыз көп, Ажайып сонун турмуш көп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Америкалык астронавт дүйнөдө биринчи болуп Айга барып конгон. Күн да болуп, Ай да болуп асманда, Жаркыраган рухун бизге чачар да* (Акматалиев). 2. Айдын Жерди айланып чыгышында жаңыдан көрүнүп, толуп, кайра жоголгон мезгилдерге кеткен убакытты эсептөө бирдиги; жылдын он экиден бир бөлүгүн көрсөткөн чак, календарь боюнча 28–31 күндөн турган убакыт, мезгил өлчөмү. *Март айында кош чыгып, Чүй өрөөнүндө жазгы талаа жумуштары кызый баштады.* 3. Жалпы эле бир айлык (30 күнчөлүк) убакыт бирдиги. *Бир ай жатты айлында, Кыз ала турган кайнында* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ай бою кылган ишинин эсебин чыгарды* (Мавлянов).

**АЙ II** 1. Чочуганда, өкүнгөндө, күнөм санаганда, ыраазы болгондо ж.б. учурда айтылат. *Ай ким билет ишенбей калдым сага* (Байтемиров). *Кичинекей кыз коркуп кетип: – Энеке ай! – деди* (Сыдыкбеков). *Балдардын билбестиги ай!* (Сыдыкбеков). *Ичкендин баары жайнаган, Ай, ракмат аккан суу* (Барпы). *Кагылайын каралдым ай, Кыз да болсо медерим* («Эр Табылды»). 2. Бирөөнүн көңүлүн өзүнө буруу же тыйып коюу үчүн айтылат. *– Ай, Батыш, сен эси жоктук кылба* (Байтемиров). 3. Таң калгандыкты, шаттангандыкты, көңүл эргип, кубангандыкты билдирүү үчүн айтылат. *Пай-пай, азаматтын жүрөгү ай!* (Борбугулов). *Ой бали ай, ашыктыктын ана күчү!* (Осмонов).

**АЙ-ААЛАМ** Бүт дүйнө жүзү, жер бети. *Кетти атагың ай-ааламга таралып* (Тоголок Молдо).

**АЙ АРАСЫ** Ай жаңырар алдындагы күндөр, мындай күндөрдө көбүнчө аба ырайында өзгөрүүлөр болот. *Ай арасында сары кар түшүп, эки күндөй жатты* (Сыдыкбеков).

**АЙ АСМАНГА ТҮЙҮЛҮҮ** *к.* **Асман айга түйүлүү.**

**АЙ БАЛКА** *анат.* Төш сөөгүнүн төмөнкү учундагы калакча сыяктанган чемирчек. *Ай балканын кашы деп, Жүрөктүн толто башы деп, Ак тинтени салды эле* («Манас»).

**АЙ БАТКАНДАЙ БОЛУУ** 1. Катуу кайгыга, оор кырсыкка учуроо, үмүтсүз мүнкүрөгөн абалга жетүү. *Чал-кемпир эңкейип калган кезде жалгыз баласынан ажырап, ай баткандай болуп мөгдөп калышты* (Каимов). 2. Жок болуу, өлүү. *Бечара ай баткандай болуп, жаштайынан соолду* («Чалкан»).

**АЙ БАТКАНДАЙ КЫЛУУ** Өлтүрүү, оор абалда калтыруу, катуу кайгыга салуу. *Алмадай башын алайын, Ай баткандай кылайын* («Эр Төштүк»).

**АЙ БАШЫ** *дин.* Орозо айынын акыркы күнү, айттын алдыңкы күнү, эртең айт деген күн, арапа. *Келин-кыздын көркүнө, Айт, ай башы күн кызык* (Токтогул).

**АЙ ДАЛЫ** Далынын үстү жагы. *Атагы чыккан Аккелте Ай далыда жаркылдап* («Семетей»). *Ай далыңды кубантып, Асылды кийсең ал кызык* (Токтогул).

**АЙ ДЕСЕ – АРКЫ ЖОК, КҮН ДЕСЕ – КӨРКҮ ЖОК** Абдан сулуу, ашкан сулуу, теңдеши жок. *Ай десе – аркы жок, күн десе – көркү жок, бир перизатка жолуктум* («Кыргыз эл жомоктору»). **В.: Ай десе-ай, күн десе-күн.** *Мына, ай десең – ай, күн десең – күн, баягы мен айткан апа!* (Тойбаев). *Мергенчи эртесинде ошол көлгө кызынын бетин жуудурса, жомоктогудай ай десе – ай, күн десе – күн боло чыга келет* (Жусупов).

**АЙ ДЭЭР АЖА, КОЙ ДЭЭР КОЖО ЖОК** Акыл айтып башкарар, «кой, ай» деп теске салар, жол көрсөтүп, тарбиялар кишиси жок. *Ай дээр ажа, кой дээр кожо жок болсо, балдардын кылары ошол да.* **В.: Ай дээр ана, кой дээр кожо жок.** *Адам, ээй, бул кандай? Ай дечү ана, кой дечү кожо жокпу бу айылда? – дешип редакциядагылар таң калып жатышкан* (Егиналиев). **Ай дээр адам, кой дээр коңшу жок.** *Айла канча ай дээр адам, кой дээр коңшу жок* (Бөлөкбаев).

**АЙ ЖАМАЛДУУ** Айдай сулуу, абдан сулуу, сулуулугу суктандырган, ажарлуу, келишимдүү. *Ай жамалдуу бото көз* (фольк.). **В.: Ай жүздүү.** *Үлбүрөгөн айдай жүздүү эле* (фольк.) **Ай чырайлуу.** *Ай чырайлуу кыз.*

**АЙ ЖЕЛЕСИ** *астр.* Асман чүмкөгүндө Айдын карама-каршы жагынан көрүнгөн түрдүү түстөгү жаа.

**АЙ КАЛЕНДАРЫ** *астр.* Ай фазаларынын алмашууларына карата убакытты эсептөө системасы.

**АЙ-КҮН КАЛЕНДАРЫ** *астр.* Убакытты эсептөөнүн ай календары менен күн календ-

дарынын айкалыштырылган системасы.

**АЙ-КҮНҮНӨ ЖЕТҮҮ** Төрөй турган мезгили келүү, төрөрүнө жакын калуу. *Ай-күнүнө жетип турган келинчеги Айганыш, тигине, кыз-келиндердин катарында тамылжып отурат* (Сыдыкбеков). *Ошол тапта Асылкандын ай-күнүнө жетип калган учуру эле* (Өмүрбаев). *Хандын катынынын боюна бүтүп, ай-күнүнө жетип, толгоо кирди* (жомок).

**АЙ ТАЛАА** Ээн жаткан, эл жашабаган жер, аймак, элсиз мейкиндик. *Ай талаада айыл жок, Азап тартып жүрбөгүн* (Токтогул). *Карыган томаяк ооз айыбын тартып, өз жеринен топурак буюрбай, каңгып ай талаада сөөгү сөпөт болсун* (Бейшеналиев).

**АЙ ТУТУЛУУ** Бетин башка бир асман телосу каптап же башка телонун көлөкөсүндө калганда Айдын бетинин убактылуу караңгылай түшүүсү.

**АЙ ТУЯК** 1. Жылкы. *Ай туякка бээ чалды, Ай мүйүзгө уй чалды* («Манас»). 2. Курмандыкка чалынуучу жылкы. *Ак сарбашыл алыңар, Ай туякка чалыңар* («Эр Табылды»), *Кош башына бир бээден, Ай туяк деп чалышты* (Тоголок Молдо). *Бай Жакып менен Каракан Ай туякка бээ союп, Ак сары башыл кой союп* («Манас»).

**АЙ ТУЯК ЧАЛУУ** Түлөөгө, курмандыкка мал чалуу, расми көрүнүштөрдүн бири – бул жерде жылкы союлат. *Ай туягын чалышты* («Манас» С.О.).

**АЙ ЧАПЧУУ** Күчү ташып, болуп-толуп туруу, чакчырылуу. *Ай чапчып суудай толкунам Артымда калкым турганда* (Бөкөнбаев). *Азыр Кудайменде болуштун көккө сермеген укуругу ай чапчып турган кези* (Укаев).

**АЙА** Уят, абийир, ийменүү. *Айа жок катын кызында* («Манас»).

**АЙАЙ** *диал.* 1. Таза, апакай, сонун. *Айай экен.* 2. Кызамык. *Балаңызга айай чыктыбы?*

**АЙБААЛЫ** 1. *диал.* Жаа, жаачы. 2. *өт.* Буту-колу тарбайган, арык. *Айбаалыдай балдар* («Эркин Тоо»). *Айбаалыдай солдаттар Алты атар мылтык көтөрүп* (Токтогул ).

**АЙБАЛТА** *эск.* Узун саптуу, курч, жарым ай белгисиндеги согуш куралы. *Капырай, айбалтасын көтөрө келгенби быйыл кыш?* (Турсунов).

**АЙБАН I** 1. Бакма жана жапайы жашаган төрт аяктуу жаныбарлардын жалпы аты. *Айбан туруп сүйлөгөн, Жылкыдан башка Чалкуйрук* («Эр Төштүк»), *Кабылан, жолборс, карышкыр, Азуусу бар айбандар* (Тоголок Молдо). *Үй айбандары. Жапайы айбандар.* 2. *өт.* Мүнөзү жаман, адамгерчилиги жок, орой, ырайымсыз, наадан (кишиге карата). *Айбандын ойрон кылып жаткан жайын, Берлинге улам жакын калган сайын* (Осмонов). *Жеткен айбан экенсиң го* («Ала-Тоо»).

**АЙБАН II** Чоң чегиртке. *Жаачы баатыр түк коркпос, Көк айбанга саал окшош, Боорукерлүү жайы бар Карлыгачка жан жолдош* (Осмонов).

**АЙБАНАТ** Адамдан башка жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын жалпы аты. *Айбанаттын эң чоңу Пилден козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Айбанаттар жай алар Ак чаңгыл тоонун адырын* («Семетей»).

**АЙБАНДЫК** 1. Айбанга таандык сапаттар, касиеттер. *Айбандыгың болбосо, Акылың артык бир малсың* («Эр Табылды»). 2. Адамкерчилиги жоктук, наадандык. *Көрдүңөрбү, агалар? Айбандык кылык билинди* («Эр Төштүк»). *Өлөрүн өзү билбеген Айбандык жайы дагы бар* («Манас»).

**АЙБАНЧА** Айбандай болуп, айбан сыяктанып. *Айбанча тентип жоголгон Ушундай адам болобу* («Эр Табылды») *Акылы жок айбанча Токойдо жалгыз жатамын* (Токтогул).

**АЙБАНЧЫЛЫК айбандык** менен бирдей. *Айбанчылык мамиле.*

**АЙБАР** 1. Айбат, сүр. *Жүзүндө айбары бар. Бактын бутактарын уй айдагандар чыбык, атка мингендер айбар кылыш үчүн сындыра беришет* («Чалкан»). 2. Жөлөк калканч, жардамчы. *Алы жокко айбар бол, Ашы жокко айран бол* (Арстанбек).

**АЙБАРДУУ** Каардуу, сүрдүү, айбаттуу. *Арстандай айбардуу.*

**АЙБАТ** Бирөөнүн кол салышына, өкүмдүк, зордук кылышына каршы көрсөтүлгөн кайрат, каршылык. *Ошондо Айдаркан уулу эр Көкчө, Айбаты журттан бөлөкчө* («Манас»). *Айбаты бар жигиттин, Атагы калат артында* (Токтогул). **Доңуз айбат** *к.* донуз.

**АЙБАТТАН** Айбат көрсөтүү, айбат кылуу. *Айбаттанып айкырып Аскердин алдын жапырып* («Манас»). *Элемандын Төштүгү Айбаттанып сүксөйдү* («Эр Төштүк»).

**АЙБАТТАНТ айбаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙБАТТАНУУ айбаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙБАТТУУ** Сүрдүү, айбаты күчтүү, айбаты катуу. *Балдар тигил берендей ормойгон айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты* (Сыдыкбеков). *Ажыдаардай айбаттуу Арстандай кайраттуу* («Манас»).

**АЙБАТТУУЛУК** Айбаты күчтүүлүк, кайраттуулук, сүрдүүлүк. *Айбаттуулугуң ашынып, айласыз баатыр болуп кетмей адатың да бар эмес беле* («Чалкан»).

**АЙБЫК** Жазгануу, ийменүү, тартынуу, бир нерсени иштөөгө же бир жакка багыт алганга батына албаган абал. *Атай да баруудан айбыкты* (Каимов). *Умсунуунун*

*жүрөктөгү ыргагын Ушакчылар угабы деп айбыгам* (Байзаков). *Ары айбыгып, ары жандай көргөн атаны аёо себебинен Батийна да бир аз жумшаргансыды* (Сыдыкбеков).

**АЙБЫКТЫР айбык** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйдө отургандардын сүрү мени айбыктырып шаштымды кетире турган болду* («Ала-Тоо»).

**АЙВА** 1. Түштүктө өсүүчү жемиш жыгачы. *Айва жыгачтары.* 2. Ушул жыгачтын алмага окшогон түктүү жемиши. *Айва вареньеси.*

**АЙВАН** 1. *диал.* Үйдүн алды жаккы бетине жанаштыра салынып, үстү үй менен туташ жабылган веранда сыяктуу жай. *Үсөн айбандагы жыгач керебетке төшөк салдырды да, сөөгүнөн башка эч салмагы калбаган жубайын балача карысына салып көтөрүп келип жаткызды* (Касымбеков). *Токтор менен Култай айбанда олтурган эле* (Абдукаримов). *Үйдүн айванына ээрчитип барды.* 2. Сере, серече. *Ичине беш канна кылдырып, бет алдын айван кылдырып, сырдатып жай салдырды.* (Касымбеков).

**АЙВАНКАНА айван** менен бирдей. *Жайдын күнү айванканага жатам.*

**АЙВАНЧА к. айван** *Үйдөгүлөр айванчага отуруп чай ичишти. Үйдүн кире бериш жерин кооздоп айванча жасатты, аны жакшылап сырдатты.*

**АЙГА КОЛУ ЖЕТКЕНДЕЙ** Телегейи тегиз болгондой, болуп-толуп тургандай, бардыгына мүмкүнчүлүгү бардай. *Койкоюшуп жүрүшчү, Айга колу жеткендей* (Маликов). *Бул эмне эле айга колу жеткендей керилип калган?* **В.: Асманга колу жеткендей.** *Кудайбергендин асманга колу жеткендей болуп турганда, букаралардын эсириши жаман белги эле* (Каимов).

**АЙГАЙ** Бирөөнү чакырган же кандайдыр бир себеп менен дүрбөтүп чуу салган катуу кыйкырык. *Кырга чыгып алыптыр, Кыйкырып айгай салыптыр* («Манас»). *Айгайды калың салуучу, Ажыратып алуучу Күлчоро жетик мында жок* («Сейтек»).

**АЙГАЙЛА** Айгай салып кыйкыруу. *Колду баштап жөнөдү, Айгайлаган чуу менен, Ала байрак туу менен* (Тоголок Молдо).

**АЙГАЙЛАТ айгайла** этишинин аркылуу мамилеси. *Айкырып четтен жоо кирсе, Айгайлатпай ким тосот* («Сейтек»).

**АЙГАЙЛАШ айгайла** этишинин кош мамилеси. *Айгайлашып алышып, Көкдөө менен эр Төштүк Аркы-терки чабышып* («Эр Төштүк»).

**АЙГАЙЛОО айгайла** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙГАК** Бирөөнүн кылган кылмышын, уурулугун айтып, элге билдирип коюучу. *Жаман айгак жанынан тартат* (макал). *Түн ичинде жаккан оту ал үйдүн айгагы* (Токомбаев).

**АЙГАП I** Кашык, чөмүч сала турган баштык. *Чөмүч, кашыктарды айгапка кыстарып койдум.*

**АЙГАП II** Бушайман, бук, капа. *Ичибизден айгап болуп отурдук.*

**АЙГАШ** Айыгышып эрегишүү, өчөшүп салгылашуу. *Айгашкан канкор душманга Ажалдан башка энчи жок* (Бөкөнбаев).

**АЙГАШТЫР айгаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙГАШУУ айгаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙГИНЕ** Даана көрүнүп турган, ачык-айкын, дапдайын. *Асман ачык, аба тынч, алыстаган караан айгине көрүнөт* (Убукеев). *Райхан асыл максатты алдына койгон жаштарыбыздын бири экендиги айгине* («Ала-Тоо»).

**АЙГИНЕЛЕ** Ачык, түшүнүктүү кылуу, дааналоо. *Курбулар, турмуш жайын айгинелейм, Албастан ошо бойдон ичке катып* (Маликов).

**АЙГИНЕЛЕН айгинеле** этишинин туюк мамилеси.

**АЙГИНЕЛӨӨ айгинеле** этишинин кыймыл атоочу. *Биздин максатыбыздын тууралыгын, адилеттүүлүгүн айгинелөө үчүн турмуштун өзүнөн эле көп фактыларды келтирүүгө болот* («Кыргыз туусу»).

**АЙГӨЙ** Жан-дүйнөнүн тынчсызданган абалы; бушайман. *Айгөйгө салган сени ашыглыктан Асылкеч сулуудагы наздай экен* (Байзаков).

**АЙГӨЛӨК САКАЛ** Тегерек сакал. *Айгөлөк сакал төрт миң сарт, Ажалын көздөй жалт этти* (Дүйшеев).

**АЙГҮЛ** *бот.* Тоолуу жерде өскөн жапайы гүлдүн сейрек түрү.

**АЙГЫР** Жылкынын үйүргө кошулуучу эркеги. *Айгырлар азынап, кулактарын жапырып, үйүрдү ичти карай имерди* (Убукеев). *Ала айгырдан кула кулун туулат* (макал).

**АЙГЫР ЖЫГАР** Дан өсүмдүктөр тукумунун бир уруусу. Көп жылдык өсүмдүк.

**АЙГЫРАК** Жаш айгыр. *Бирок өзүнүн айгырак сымбатын билип жаткан Гүлсары жок* (Айтматов). *Анда тору байтал айгырактын жалына ээк артып жалын кашып кирди* (Айтматов).

**АЙГЫШ** *туурасы:* **айыгыш.**

**АЙДА I** 1. Малды чаап, жазгап же дабыштап, турган жеринен башка жакка кетирип жиберүү, кууп салуу, оолактатуу. *Эгинди тепсетпей, тетиги торпокторду ары айдасаңчы* («Жаш ленинчи»). *Ээрди аттан алышып, Адырга айдап салышып* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Малды ж.б. алдыга салып, белгилүү бир багытка карай сүрүү, тескеп жүрүп отуруу. *Кой семиртип болгон соң, Анжиянга айдайлы* (То-

голок Молдо). *Багып жүргөн кырк тулпар Түгөл айдап келди дейт* («Эр Төштүк»). 3. Туткунду, күнөөкөрдү ж.б. мажбурлап, белгилүү бир жакка баруута аргасыз кылуу, алдына салып, тийиштүү жакка жеткирүү. *Жаш кезимден каршы элем, Журтумдан айдап кетирди* (Токтогул). *Солдат Каныбекти желкелеп айдап жөнөдү* (Жантөшев). *Кедейди айдап келет уруп, сабап «Тап пулду, бересиң» – деп коёт камап* (Барпы). *Шамбеттер Чегирткени айылдан айдап салган* (Сыдыкбеков). 4. Кыймылга келүүчү, ордунан жылуучу нерсени (кайыкты, машинаны, самолётту ж.б.) жүргүзүү, анын жүрүү кыймылын башкаруу. *Мектепте машина, трактор айдаганды үйрөтөт* (Касымбеков). *Араба кошуп, ат айдап, Кандайсың буудай тартканга* (Осмонкул). *Толкун согуп кетпейби, Кемени койсо айдабай* (Турусбеков). *Бирге жүрдүк, бирге жайлап, бир айлап, Кайык минсек, сен олтуруп, мен айдап* (Осмонов). 5. Кетирүү, жок кылуу, бир нерседен арылтуу. *Маляр келди, бир чоң үйдү майлады, Кабак түйгөн капалыкты айдады* (Осмонов). *Колхоз, совхоз бул күндө Эскиликти айдаган* (Осмонкул).

**АЙДА II** 1. Үрөн себүүгө же өсүмдүктөрдүн уругун, көчөтүн тигүүгө ылайыктатып, жерди трактор, соко же күрөктөө менен иштетүү. *Жер айдап, кээси арпа, кээси тарүу себишет* (Байтемиров). *Жер семизин тандатып Айдаган элди карачы* (Токтогул). *Трактор менен жер айдап, Дыңды аңтарып таштагын* (Осмонкул). 2. Айдалган жерге эгин же башка өсүмдүктөрдү эгүү, себүү. *Эгин айдап, чөбүң чап, Эмгегиңден пайда тап* (Токтогул). *Биз тажрыйба талаасына буудай айдаганбыз* (Сыдыкбеков). *Пахтаны айдап жайнаткан, Жер булбулун сайраткан* (Бөкөнбаев).

**АЙДА III** *сүйл.* «Кана», «кана эмесе» деген мааниде же «жүр», «кеттик» деген маанилерде колдонулат. – *Айда, тайганды дагы коркуталы* (Сыдыкбеков). *Айда, жүктөп жөнөтө бергиле* («Чалкан»).

**АЙДА IV** Күчөтүү маанисин берүүчү сырдык сөз. *Биздин жигиттер комузду айда машына келтире чертишчү* («Адабий Ала Тоо»).

**АЙДАГАР** **ажыдаар** менен бирдей. *Фашисттин айдагарын белден кесип, Жоо колун кыргынга алып кайра сүргөн* (Осмонов). *Кара туман каптоосунда Кара айдагар муунткан* (Бөкөнбаев).

**АЙДАЙ** Ай жамалдуу, татынакай, сулуу, ажардуу. *Таежеси Кишимжан Айдай сулуу жан болду* («Олжобай менен Кишимжан»). *Асмандаса талыкпаган, Айдайың бар, о Сыргак!* (Токомбаев).

**АЙДАЙКЕЛ** Өз демилгеси менен иштебеген, тапшырса – иштеп, тапшырбаса жата берген адамдарга карата айтылган накыл кеп. *Андай демилгесиз жаштар көсөөдөн айырмасы болбой «айдайкел» болот, бригадир бир ишти айтса иштейт, айтпаса кемеге жанында жаткан көсөө сымал үйлөрүндө жата беришет* (Жантөшев).

**АЙДАЙТ** Күчөтүү, сүрөө үчүн шыкак берүү маанисинде айтылуучу кыйкырык. *Айдайт! айдайт!.. деп, түлкүгө тайган агытып кубалатчу эле* («Жаш ленинчи»).

**АЙДАК** 1. Итти бирөөгө же бир нерсеге тукуруп, «кубала», «ал», «тиште» деген мааниде кыйкырып айтылуучу сөз. *Ой-тоону бузуп жапырып, Айдак, айдак, айдак деп, Куу түлкүнү шаштырып* («Семетей»). 2. Короо кайтарганда ит-кушка, ууру-бөрүгө дабыш салып, сес кылуу үчүн колдонулуучу кыйкырык. 3. *өтм.* Бирөөгө каршы көкүтүү, тукурук. *Бирөөнүн айдагына көнбөө. Акындардын чабалы Билгенин айкын айта албай, Айдактап койсо бирөөгө Ээлигет, сөзүн кайтарбайт* (Токомбаев). *Сейитти бирөө айдактабай койду дейсиңби!* (Сасыкбаев).

**АЙДАКТАЛ** **айдакта** этишинин туюк мамилеси.

**АЙДАКТАТ** **айдакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙДАКТОО** **айдакта** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙДАКЧЫ** 1. Байгеге кошулган аттарды жандап, жарышка айдап барып кошуучу киши. 2. Мергенчи киши аң уулаганда ага аң айдап, кыйкырык-сүрөөн салып туруучу киши. 3. Кийик уулаганда кийикти тосотто, камакта отурган мергенчиге айдап берүүчү анын жолдошу. 4. *өт.* Бакырып, кыйкырып сүйлөгөн адам. *Айдакча адам экен.* 5. Чакмак таш оюнунда «үйгө» айдап киргизиле турганы.

**АЙДАЛ I** **айда I** этишинин туюк мамилеси. *Айдалган мал күн бата ашууну шыкап чыга келди* (Убукеев). *Каршылык менен кармалып Калкымдан кеттим айдалып* (Токтогул).

**АЙДАЛ II** **айда II** этишинин туюк мамилеси. *Ал эрме чөл бүгүн жашыл, Кендир, пахта айдалып* (Бөкөнбаев). *Трактор, соко майлансын, Токтолбой эгин айдалсын* (Осмонкул).

**АЙДАЛУУ** Айдалып, себилип бүткөн, айдалган. *Айдалуу эгин. Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу* (макал).

**АЙДАМА I** Айдап өстүрүлүүчү, колдо өстүрүлө турган, бакма. *Айдама өсүмдүк. Айдама чөп.*

**АЙДАМА II** Бирөөнүн айтканы менен иш кылган, өз алдынча иш жүргүзө албаган, өз демилгеси жок. *Жээренче чечендин баласы Төлөмырза копол, жүдөмүш, айдама чыгат* (Жусупов).

**АЙДАН АЧЫК** Түшүнүктүү, белгилүү, так, даана, анык. *Кимдин ким экени Жыл-*

*дызканга айдан ачык болду* (Байтемиров). *Колго түшкөн олжо көп адамдарга таандык экени айдан ачык* (Осмоналиев). *Албетте, эрегиштен эр өлүп, эриш бузулары эки тарапка тең айдан ачык* (Сыдыкбеков). *Увазир кандай көйгө кабыларын айдан ачык түшүнүп, тоону карай качат* («Кыргыз Туусу»). **В.: Айдан ак.** *Алар тез мантыгып, акчага карк болору айдан ак* (Ашымбаев).

**АЙДАП ОТКО САЛУУ** Арыдан бери жок кылуу, жоготуу, түгөтүү. *Сага эмне тутөт, азыр алсаң, азыр жок. Заматта айдап отко саласың, – деп аялым жемелей баштады* («Кыргызстан маданияты»).

**АЙДАР I** Эркек кишинин төбөсүнө коюлуп, өрүлгөн узун чачы. *Көкүл – айдар чачым бар* («Манас» С.О.). *Аркасында айдары.* («Манас» С.К.). *Жеңеси үн дебестен эки айдар кылып өрүп берди.* (Абакиров). *Коё берген айдары, Далыда жүрөт салпылдап.* («Эл адабияты»). *Алтын айдар, чок белбоо – Асылдын жалгыз баласы* («Эл адабияты»). *Алтын айдар, чок бел боо, Арстан тууган Алмамбет* («Манас»). *Аркасында айдары Тору айгырдын жалындай* («Манас»).

**АЙДАР II айдарым** менен бирдей. *Чаргын жогортон муздак айдар беттерин желпип өтсө, аны да көп сезе бербей, кескин сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

**АЙДАРГА** Азоо бээни саарда камчыланар жагынын арткы бутуна илип, моюнга тартып байлай турган илмек жип, өрөө. *Айдарга менен бутун тарт.*

**АЙДАРКАН: айдаркан өгүз** *диал.* Чоң мыкты өгүз.

**АЙДАРЛУУ** Айдар коюлган, айдары бар. *Айдарлуу кара калмагым, Тим турган жанды тим койбой, Тийди жаман салмагың* («Манас»).

**АЙДАРЫМ** Эртели-кеч жүрүүчү жумшак, салкын жел. *Талаанын айдарым жели леплеп уруп турду* («Ала-Тоо»). *Биздин айыл алкымда, Айдарым соккон салкында* (фольклор).

**АЙДАРЫМДУУ** Эртели-кеч айдарым жүрүп турма, салкын жел токтобогон (жерге карата). *Самсахун кошту айдарымдуу дөңсөөгө түшүрткөн* (Жантөшев).

**АЙДАРЫН ТИГҮҮ** Жамандык ойлоо, абдан каршыгуу, жамандык кылууга ниеттенүү, артынан түшүү. *Айтарын айтып, айдарын тикти* (Бейшеналиев). *Мага айдарын тигип турбайбы.* **В.: Кастарын тигүү.** *Жутаке менен Түнкатар молдонун тукуругу боюнча мага кастарыңды тигип калганыңды билем* (Жантөшев).

**АЙДАТ I** 1. **айда I** этишинин аркылуу мамилеси. *Айдата кел бир жолу Тартууга берген малыңды* («Курманбек»). *Ач көз байды кулакка тартып, Айдатып жатты бир четтен жанчып* (Абдыраманов). 2. *өт.* Такалбай, буйдалбай сүйлөө, ырдоо же бир нерсени машыккандык менен аткара билүү, иштей билүү. *Шарипке Иранын орусча, кыргызчасын шакылдап айдатканы укмуштай сезилип турду* (Бейшеналиев). *Ниязалы сайраткан, Боз жоргодой айдаткан* (Үмөталиев). *Айдата жаза билген мыкты катчынын колу-колуна тийбейт* («Ала-Тоо»). *Айдат «Манастан», биз да башты бекер оорутпай жыргай түшөлү* (Бейшеналиев).

**АЙДАТ II айда II** этишинин аркылуу мамилеси. *Атакемдин ашына Күрүчтү күздүк айдатам* (Маликов). *Бир танап жерин айдатпай, Бир кулак суусун байлатпай* (Токомбаев).

**АЙДАТ III айда** этишинин аркылуу мамилеси. *Кулак кылып айдатам* (Станалиев).

**АЙДАШ I айда I** этишинин кош мамилеси. *Аттарыңды имерип, Биз да айдашып баралык, Төштүк* («Эр Табылды»).

**АЙДАШ II айда II** этишинин кош мамилеси. *Кош айдаш. Соко айдашып, чөп чаап, Жыл өтүп Ашым чоң болду* (Осмонкул).

**АЙДОО I** Айдалган же айдап, эгин же башка өсүмдүктөр эгилген жер. *Жайлоонун көркү мал экен, Айдоонун көркү дан экен* (Нуркамал). *Айкөлдүн кара талаасы Карарган айдоо болуптур* («Манас»).

**АЙДОО II** Башка жакка жер оодарып, айдап жиберүү жазасы, сүргүн. *Артымда солдат кужулдап, Айдоого кетип барамын* (Токтогул).

**АЙДОО III айда I** этишинин кыймыл атоочу. *Эртең Суусамырга мал айдоом керек* («Ала-Тоо»).

**АЙДОО IV айда II** этишинин кыймыл атоочу. *Быйыл канча гектар кызылча айдоо керек?* («Ала-Тоо»).

**АЙДООЧУ** 1. Байгеге кошулган аттарды жерине чейин алып барып коё берүүчү адам. *Ат айдоочу камдатып, Атты айдатты чаңдатып* (Тоголок Молдо). 2. Арабага, сокого ж.б. чегилген атты башкарып айдап жүрүүчү адам. *Ушул шахтада ат айдоочу болуп көп жыл иштегенмин* (Сасыкбаев). 3. Транспортту (автомашина, самолёт ж.б.) же кыймылга келип, ордунан жылуучу техниканын түрлөрүн айдап башкарган, жүргүзгөн адам. *Чөнтөгүндө айдоочунун күбөлүгү жок болуп чыкты* (Макенбаев). *Айдоочунун жанында отурган тибеттик жигит артка кылчайды* (Акматов). *Машина айдоочу. Кеме айдоочу. Колхоздун механик-айдоочусу.* 4. Тоонун мергендерге кийикти чубатып берүүчү табигый ыңгайлуу жери. *Айдоочуда аңдып жатканы дагы бирин атып алды* (Жантөшев).

**АЙДӨШ** Этек жагынан караганда көкүрөк жагы көтөрүңкү келип, жайык тарткан

бет. *Айдөш келген кең талаа* (Баялинов). *Сайдын чети бийик жар, кайсы бир жери атайын лыжа тебүү үчүн жаралгандай айдөш* («Ала-Тоо»).

**АЙДЫН ОН БЕШИ КАРА, ОН БЕШИ АК** Турмушта дайыма бирдей болуп турбайт, оош-кыйышы, жакшысы да, жаманы да болот. *Ээ, балам, айдын он беши кара, он беши ак, ага капа болбо, сенин да ишиң оңолор, – деп, чоң энем мага көп акылдуу, нускалуу сөздөрүн айтар эле* (Өмүрбаев).

**АЙДЫН** *туурасы:* **айдың.**

**АЙДЫҢ I** 1. Айдын жарыгы. *Айдыңга салып кырман сапырдым.* 2. Кең, жайык, мелтиреген ээн. *Нөшөрлөп жааган жамгырда айдың талаада жатып калган күндөрү көп болду* (Бөкөнбаев). *Ак зоонун алды жайыкта, Айдың чалкар көлдү эстейм* (Маликов). *Айланып казы кетпеген, Айдың чалкар көл кайда?* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АЙДЫҢ II** Айбат, сүр. *Айбыктым жалгыз жүзүнөн, Айдыңы менен сүрүнөн* («Курманбек»). *Атанын айдыңы артык болот тура, баатыр* (Сыдыкбеков).

**АЙДЫҢ ЧАЛКАР КӨЛ** Суусу толук чоң көл. *Каз өрдөгү болбосо, Айдың чалкар көл карып* («Эл адабияты»).

**АЙДЫҢДУУ** Кең, чалкып жаткан. *Ала-Тоодо айдыңдуу, Ак калпак кыргыз элим сен* (Токтогул). *Апкелдим достук саламды Айдыңдуу кыргыз тобунан* («Советтик Кыргызстан»).

**АЙЗА** *диал.* Найза. *Туюкту бузуп жол салса, Турбай душман кол салса, Өкүлдөп айза сунушсак, Өйүз-бүйүз турушсак* («Сейтек»).

**АЙЗАДА** *диал.* Таза, сулуу. *Келинибиз айзада адам экен.*

**АЙЗАДАЛЫК** *диал.* Тазалык, көркөмдүк, сулуулук.

**АЙИЙ** Өкүнүү, кубануу, таң калуу сыяктуу ички сезимди билдирет. *Айий, көрбөй калган экенмин ээ! Айий, сонун болбодубу! Айий, кантип билип алды экен?*

**АЙКАЙ айгай** менен бирдей. *Каптал жактан чыккан тааныш үн айкай салып отуруп, үрккөн жылкынын алдын торой чыкты* (Айтматов). *Айкай салып «Алгалап!», Баягы эле барганындай ал барат* (Эралиев).

**АЙКАЙЛА айгайла** менен бирдей. *Кулак тунат калмактын Айкайлаган чуусуна* («Манас»).

**АЙКАЛ** Жанашып, бир бүтүндөй кыналышып туруу, жанашуу, айкалышуу. *Гүлдөй бер дагы-дагы биздин мекен, Айкалып ар бир ишиң жеңиш менен* (Нуркамал).

**АЙКАЛА** Сырт кийимдин бир өңүрүн башына, бир өңүрүн аягына келтирип жамынуу абалы. *Жамачылуу кызыл чепкенин Бейшембиге айкаласынан жаап салыптыр* (Элебаев).

**АЙКАЛЫШ** 1. Бири-бирине колун артып кучакташуу. *Айкалышкан экөөнү, Ажыратып салды эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *Айкалышып көрүшүп, Сөзгө мыкты кандыңбы?* (Тоголок Молдо). *Айдын жарык түн менен, Айкалышып сүйлөшсөң Айнектей сулуу кыз менен* (Токтогул). 2. Туура келген; бири-бирине төп келген, шайкеш келген, кыналышкан абал. *Мал чарба продуктыларын өндүрүүнүн жана даярдоонун көбөйүшү коомдук малдын санынын өсүшү менен айкалышты* («Советтик Кыргызстан»). *Он эки куйрук, он чалгын Айкалышып сызган күү* (Токтогул).

**АЙКАЛЫШТЫР айкалыш** этишинин аркылуу мамилеси. Бири-бирине дал келтирүү, ымылалаштыруу, жуурулуштуруу, ыкка келтирүү, жарашыгына ылайыкташтыруу. *Алыкул ошондо эле адамдын ички Жан дүйнөсүн ачкан, адам менен табигат байланышын айкалыштыра жазган акын экен* (Турсунов). *Кыз кезинин керемет сулуулугуна назиктик менен жароокерликти жараштыра айкалыштырып алыптыр* (Станалиев). *Ал педагогикалык тарбия менен улуттук искусствону айкалыштырып иштөөдө зор тажрыйбага ээ болду* («Кыргызстан аялдары»).

**АЙКАЛЫШТЫРГАНДЫК** Ылайык келтирип кынагандык, ыгына келтиргендик. *Эпикалык жөрөлгөнү азыркы замандын адабиятынын психологизми менен айкалыштыргандыгында жана байыткандыгында жатат* (Борбугулов).

**АЙКАЛЫШУУ айкалыш** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙКАН КАГАН** Көрөгөн каган. Кыргыздар Чынгыз канды – Тимучинди ушундай аташкан. *Тээ, Айкан кагандын доорунан бери айтылып келаткан накыл ал* (Абакиров).

**АЙКАҢКЫ** Ээрдин өзүнчө түрү – алдыңкы жагы жазы жана тегерек формада болуп, анын бети оюу-чийүү, күмүш ж.б. асыл заттар менен кооздолот *Алманбет кылган Айкаңкы* («Семетей» С.К.).

**АЙКАП** Өкүнүч, өкүттө болуу. *Сагыйда да бир эсе кыз болуп жаралганына айкапта* (Садыбакасов).

**АЙКАРА айкала** менен бирдей. *Айкарасынан астына салган чапанын кубуп, ордунан турду* (Турсунов). *Чапанын айкара жамынды.*

**АЙКАШ I** 1. Ээр-токумчан аттарды бири-бирине кайчылаштырып байлаштыруу ыгы. *Аттан түшүп алышып, Атты айкаш байлашып* («Манас»). 2. Эки тараптын бири-бири менен беттешкен кагылышуусу, уруш, салгылаш. *Айкашты арбын салалык, Издеген жоом келипсиң, Бир айкашып калалык* («Эр Төштүк»). *Айкашта мөрөй*

*бербестен, Актадың сүтүн энеңдин* (Бөкөнбаев).

**АЙКАШ II айкалыш** менен бирдей. *Аттан түшө көрүшүп, Айкашып жатып өбүшүп* («Семетей»). *Мен өзүмдү таанытырдым, Эки айкашып көрүштүк* (Токомбаев). *Анын бардыгы бири-бирине айкашып, турмуштун, эмгектин симфониясын түзгөнсүйт* (Байтемиров).

**АЙКАШТЫР айкаш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙКАШУУ айкаш II** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙКЕЛ А**дамдын чоюндан же чоподон уютулган тулкусу. *Токмок шаарына Манап бийдин айкели тургузулду* («Агым»).

**АЙКИДО** *спорт.* Чыгыш элдеринин, япондордун жекеме-жеке күрөш түрү.

**АЙКӨЛ** 1. Ак көңүл, адилет, кең пейил (көбүнчө Манаска карата колдонулуучу туруктуу оң эпитет). *Кыргыздын түпкү атасы айкөл Манас шер болгон* (Осмонкул). *Асылдан калган айбатым, Боз ала тарткан болпоңум, Белгилүү айкөл көк жалдан Белекке калган чолпонум* («Семетей»). *Айкөлдүгү Манас бабам өңдөнүп, Мээрими да Күн нурундай төгүлдү* (Акматалиев). 2. *диал.* Кыздардын мончоктон тизип жасалган, коздук үчүн көкүрөккө тагына турган буюму, жасалгасы.

**АЙКӨЛДҮК** Пейли кенендик, берешендик, баатырдык. *Сиз айкөлдүк кылып талаптерлигиңизди алып койсоңуз да болот* («Аалам»).

**АЙКҮР** Чүкөнүн таа жагына карама-каршы келген кыры, алчы жагы. *Айкүр конгон чүкө. Айкүр коңуу.*

**АЙКҮРЛӨН** *өт.* Койкоюу; кырданып кайкалап бой көтөрүү. *Ак көйнөк кийсе ак сумке кармап, Айкүрлөнгөн айымдар канча* (Тургунбаев).

**АЙКҮРЧҮЛ** Айкүр конмо, көбүнчө айкүр турма (чүкөгө, сакага карата). *Айкүрчүл сака.*

**АЙКУЧАК** Кулач жетпеген жазы.

**АЙКЫН** Даана, бүдөмүк эмес, ачык, так, белгилүү. *Алыстан айкын көрүнөт, Желбиреп желге кызыл туу* (Нуркамал). *Элдин моокуму кангандыгы алардын ажарлуу жүздөрүнөн айкын көрүнүп турду* (Абдукаримов).

**АЙКЫНДА** Айкын кылуу, айкын-ачык болгудай абалга жеткирүү. *Закирдин эрдигин төшүндөгү өкмөттүк сыйлык айкындайт* (Бөкөнбаев). *Карыянын бул акылдуу сөздөрү Айкындады тереңинен чыкканын* (Токомбаев).

**АЙКЫНДАЛ айкында** этишинин туюк мамилеси. *Айкындалган фактылар. Биздин жарым жылдан берки аракетибиздин ийгиликтүү болушу бүгүндөн баштап айкындала баштамакчы* («Ала-Тоо»).

**АЙКЫНДОО айкында** этишинин кыймыл атоочу. *Иштин жүрүш абалын айкындоо үчүн иштин кашында бир-эки күн болушубуз керек го!* («Ала-Тоо»).

**АЙКЫНДООЧ** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнөн башка мүчөсү. *Аныктооч, толуктооч, бышыктоочтор – айкындооч мүчөлөр.*

**АЙКЫНДЫК** Айкын көрүнүп тургандык, дааналык, түшүнүктүүлүк, белгилүүлүк. *Сенин максатыңдын айкындыгы байкалбады, оюңду ачыгыраак айтчы* («Ала-Тоо»).

**АЙКЫР** Каарданып катуу кыйкыруу, айкырык салуу. *Токто, сен кимсиң? – деди Базарбек айкырып* (Каимов). *Кез келгенин сойлотуп, Алмамбет кирди айкырып* («Манас»).

**АЙКЫРТ айкыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Аялыңды айкырта бербей кой деп койбойсуңбу* («Чалкан»).

**АЙКЫРУУ айкыр** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙКЫРЫК** Катуу кыйкырык, айкырып чыккан ачуу үн. *Сыртта жүргөн Чоно атасынын айкырыгын угуп, үйгө шашылып кирди* (Каимов). *Бир жагынан Музбурчак, Айкырыгы таш жарып, Келе жатат чамынып* («Манас»).

**АЙКЫРЫШ айкыр** этишинин кош мамилеси. Айкырып урушуу, жаман-жакшы айтышып бакылдашуу. *Эки кошунанын айкырышканы көчөнүн аркы бетиндегилерге даана угулду* («Чалкан»).

**АЙЛА** Кандайдыр бир максатка жетүүнүн, талабын ордунан чыгаруунун же бир нерсеге себеп, шарт табуунун амалы, аракети. *Айла тапкыч акылман берен Бакай карыга айт* («Манас»). *Карайлап баш көтөрүп, жан талашып, Качууга айла кылды тыбырчылап* (Осмонкул). *Айла менен Алмамбет Тилегине жетти эми* («Манас»). *Айла – алтоо, акыл – жетөө* (макал).

**АЙЛА-АМАЛ** Айла-аракет, кылык-жорук.

**АЙЛА БАРБЫ!** Арга түгөнүп, такыр амалы кетип калган учурду, бир нерсеге каршы чара көрүүгө мүмкүн болбой калган абалды баяндоо үчүн колдонулат. *Айла барбы, башка түшкөнүн көрө жатармын* (Абдукаримов). **В.: Айла канча.** *Айла канча, шарттын начардыгына карабастан, фронт үчүн иштеп жатабыз* (Сасыкбаев). **Амал барбы.** *Амал барбы! Бардыгына чыдайбыз да.* **Амал канча.** *Амал канча, кечки көлөкөдөй сүйрөлө башбаккан калыбында үйпаланган кроватыма боюмду шалак таштайм* (Өмүрбаев).

**АЙЛА ЖОК** Эң эле, өтө эле, ченде жок. *Айла жок жаман. Айла жок тапан.*

**АЙЛАБАТАЛ УРУМУ** Мылтыктын түрү. *Кечке маал болгондо айлабатал уруму, чаначтап дары куйду* («Эл адабияты»).

**АЙЛАГЕР** *туурасы* **айлакер.**

**АЙЛАКЕР** Амалдуу, куу, айла тапкыч, эпчил. *Мадамин аке бу жагынан ашкан айлакер киши* («Ала-Тоо»). *Айлакер энем тилимди ал, Айтканым ушул билип ал* («Семетей»). *Зор айлакер Коңурбай, Жолдун баарын тороду* («Семетей»).

**АЙЛАКЕРДИК** Айла таба билгендик, амалдуулук, амалкөйлүк, эпчилдик. *Корчуда куулук да, айлакердик да жок* (Токомбаев).

**АЙЛАКЕРЛИК айлакердик** менен бирдей. *Калтабайдын айлакерлик, мансапкордук, ыкчылдык сапаттары эл оозунан угула баштаган* (Токомбаев).

**АЙЛАКЕЧ** Амалдуу, куу. *Барып турган айлакечтин бири. Кандай кыйын иш башына түшпөсүн, амалын таап кутулуп кетет.*

**АЙЛАЛУУ** Айла таба билгич, айлакер, амалдуу, эпчил. *Айлалуу мерген өзү жалгыз камынды* (Сыдыкбеков). *Айлалуу болсоң Манасты, Акыры тирүү байлап кел* («Манас»).

**АЙЛАЛУУЛУК** Айла тапкычтык, айлакердик, амалдуулук, куулук. *Айлалуулук кылуу.*

**АЙЛАМПА** 1. Суунун имерилип агып турган терең жери, ирим. *Жеңиш удургуп, төө өркөчтөнүп агып жаткан суунун айлампасына кайырмагын ыргытты* («Жаш ленинчи»). *Асканын алды жагы мелтиреген көк айлампа ирим* (Мидин). 2. Аттарды (күлүктөрдү) тегеретип чаба турган жай, ипподром. *Бир колхоздун карачы, Беш күлүктү бакканын, Алты жолу мен көрдүм Айлампага чапканын* (Осмонкул). 3. *диал.* Эшиктин туруму. 4. *аңч.* Капкандын тетиктерин анын чынжыры менен бириктирип, түшкөн аңды чалындырбай тегеренип турууучу капкандын тетиги.

**АЙЛАМПАЛУУ** 1. Айлампасы бар, иримдүү. *Чоң Илени кыдырып, Айлампалуу урчуктан Кечип чыккан кези экен* («Манас»). 2. Айланып өтмө, айланып өтө турган. *Айлампалуу сеңирден, Кызга жакын Күлчоро, Чыга калды бир жерден* («Семетей»).

**АЙЛАМПАШ** 1. Бир жагына айлана берме кылып коюучу мал оорусу. 2. *өтм.* Келесоо, башы айланган, эмне кыларын билбеген, бирөөнүн айтканын ээрчий берген. *Айлампаш болуп калган немедей бир айтканын кайра айта берчү болуптур* («Чалкан»).

**АЙЛАН** 1. Белгилүү бир чекиттин айланасында тегеренип жүрүү, тегеренип өтүү. *Жер күндүн тегерегинде айланат. Советтик корабль-спутниктер Жер шарын айланып учуу боюнча дүйнө жүзүнө биринчи жолу белгилүү болду. Балатыны айланып, Оромпой тээп ойнойлу* (Үмөталиев). 2. Асман мейкиндигинде тегеренип учуу (куштарга, самолётко ж.б. карата). *Асман менен айланган Канаттуулар бир сонун* (Бөкөнбаев). *Абада куштай айланган Учкуч болуп алсакпы?* (Барпы). *Самолёт айланып, жерге жакындай берет* (Сыдыкбеков). 3. Бир нерсенин далдаасына, арка жагына карай имерилүү, имерилип өтүү. *Карабек колун булгады да, тумшукту айланып кетти* (Сыдыкбеков). *Ургандай өзүн ташка жыйнап күчтү, Айланып далдаа жакка кире түштү* (Үмөталиев). 4. Өз огунда тегеренген абал. *Айланат көзгө илинбей станоктор* (Бөкөнбаев). *Күркүрөп мотор айланды Тетигин Сырга басканда* (Бөкөнбаев). 5. Курчоо, тегеректеп алуу. *Алтын ооз шаарымды Алты айланып алыптыр* («Курманбек»). 6. Кайрылуу, кайрылып келүү. *Аман келсем айланып Алармын сенден өчүмдү* (Токтогул). *Ат айланып казыгын табат* (макал). 7. Башка түргө өтүү, башка көрүнүшкө, сапатка, абалга өтүп өзгөрүү. *Кыштак чакан шаарга айланган* (Сасыкбаев). *От дуулдап күйүп, мештин боору жалынга айланып бараткансыйт* (Байтемиров). 8. Белгилүү бир өлчөмгө, деңгээлге жетүү. *Торпоктордун ар биринин орточо салмагы 162 килограммдан айланды. Ар бир гектардан алынган түшүм 3–4 тоннадан айланат.* 9. *өт.* Толуу, өзгөрүү. Белгилүү бир убакыттын өткөн же толгон абалы. *Мезгил бир тоголок жылга айланды* (Акматов). *Жыл айланды. Ай айланбай кайра келип калды.* 10. Жакшы көргөндүктү, сүйгөндүктү билдирүү же жалынып-жалбаруу (эркелетүү маанисинде). *Алдейлеп өстүргөн Айланамын кыргыздан* (Бөкөнбаев). *Айланайын берекем, энеңдин тилин алып, айтканын угуп жүр!* («Ала-Тоо»). 11. Бирөөнүн же бир нерсенин жарабастыгын, начардыгын, кемдигин көрсөтүп, аны башкага салыштырып караганда «садага кетсин!» «куруп калсын!» деген мааниде колдонулат. *Терменин башы арактан Айланып кетсин тамактан* (Шүкүрбеков). *Сен баладан айлан!* («Ала-Тоо»).

**АЙЛАН КӨЧӨК БОЛУУ**. Башы айланып, жер тегеренип, астын-үстү болгонсуп көрүнүү. *Көзүм тунарып, жер айлан көчөк болуп кетти* («Ала-Тоо»). *Түгөлдүн көзү тунарып, башы айлан көчөк болуп кетти* (Бейшеналиев). **В.: Айлан көчөк атуу.** *Башым айлан көчөк атып, жыгылып кеттим* («Жаш ленинчи»).

**АЙЛАНА** 1. Борбордон бирдей аралыкта турган алкак формасындагы туюк тегерек сызык, курчоо. *Айлана сызуу. Айлананы тең бөлгөн түз сызык жүргүзүү. Бирдей аралыкта жайгаштырылган үч айлананын ортоңкусу чоңураак, эки четкиси кичирээк* («Мугалимдер газетасы»). 2. Курчап турган туш тарап, мейкиндик, теребел. *Күүгүм кирди, айлана тынч, Көшүп жатты капчыгай* (Бөкөнбаев). *Айлана жашыл*

*кымкап жамынгандай күлүңдөйт* (Сасыкбаев). 3. Бир нерсенин тегерек-чети, тегереги. *Үйдүн айланасы. Кыштактын айланасы. Театрдын айланасын курчаган көрктүү кара бакты аралап жүрдүк* («Ала-Тоо»). 4. Бирөөгө же бир нерсеге таандык чөйрө. Сөз *кышка камылга көрүүнүн айланасында болду* («Ала-Тоо»). *Өзүңдөй карып көрүнсө, Айланаңа топтогун* (Барпы).

**АЙЛАНАЙЫН** Бирөөгө жалынганда, эркелеткенде же кандайдыр бир өтүнүч, суроо менен кайрылганда айтылат. *Айланайын калың журт, Алдыңа салып сүрөгүн* (Токтогул). *Акылыңдан айланайын, туура айтасың* (Каимов). *И, айланайын, сен чоор тартасыңбы?* (Жантөшев),

**АЙЛАНДЫР айлан** этишинин аркылуу мамилеси. *Арабанын дөңгөлөгүн айландыра берип, ордунан жылдырып койдук* («Ала-Тоо»). *Кайрак жерлерди сугат аянтына айландырып, түшүмдү жогорулатуунун камын көрүү керек* («Советтик Кыргызстан»).

**АЙЛАНДЫРА** Туш тарабын, айланасын курчай; тегерете. *Келсем айыл кейпи кетип, Айландыра муң баскан* (Бөкөнбаев). *Көздөрү бүтүйгөн, мурду барбайган бирөө үйдүн ичин айландыра карады* (Жантөшев).

**АЙЛАНМА** 1. Тегеренме, айлана сыяктуу. *Храмдын сырты төрт бурч сыяктуу көрүнгөнү менен ички коридорлору айланма, жарым айланма экен* (Акматов). 2. Тике же түз эмес, айланып өтө турган. *Айланма жол. Алар аны тескери айланма жолго салып жиберише турган* («Ала-Тоо»).

**АЙЛАНПА айлампа** менен бирдей. *Чоң шаркыратманын алды жагы айланпа* (Байтемиров).

**АЙЛАНТ айландыр** менен бирдей. *Жасашып атомдук куралды, Желдетке айлантты кенди да* (Байзаков). *Мен айлантсам ста-нокту, Сен да жибек түрүштүң* (Маликов).

**АЙЛАНТКЫЧ** Айландырып туруучу, айландырма, айландырып кыймылга келтире турган. *Бағананын учунда айланткыч эки туткасы бар* (Сасыкбаев).

**АЙЛАНУУ айлан** этишинин кыймыл атоочу. *Арабанын төрт дөңгөлөгү айланууда* (Сыдыкбеков). *Ар кайсыга салып көрсөм сарасап, Айланууда өмүр деген чыгырык* (Байзаков).

**АЙЛАНЧЫК** Бөлүнүп же таштап кете албагандык, имерчиктеп туруп алгандык, кандайдыр бир байланып, имерчиктеп калма себеп. *Эмнеге эле бул үйдөн чыкпай калды десе, бизге белгисиз айланчыгың бар турбайбы* («Ала-Тоо»).

**АЙЛАНЧЫКТА** Таштап же бөлүнүп кете албай имерчиктөө, кылчактоо, жанынан чыга албай тегеренүү. *Актан алты асый карагерди көрүп, айланчыктай берди* (Бейшеналиев). *Тигилерге айланчыктап, убакыттын көбүн өткөрдүм* (Ашуубаев).

**АЙЛАНЧЫКТАТ айланчыта** этишинин аркылуу мамилеси. *Сени айланчыктаткан себеп ушул экен да!* («Чалкан»).

**АЙЛАНЧЫКТОО айланчыта** этишинин кыймыл атоочу. *Жакшы көргөнүңдү, жанынан чыга албай, кечке эле ушинтип айланчыктоо менен түшүндүрмөй болдуң го* («Ала-Тоо»).

**АЙЛАНЫШ I** Түз эмес, кандайдыр тоскоолдукту айланып өткөндүк (жол). *Көл аркылуу каттоо бир топ эле айланыш.*

**АЙЛАНЫШ II** Кандайдыр бир ишке же кандайдыр бир иш менен кармалып калуу, кеталбай буйдалуу. *Мустафа жумуш учурунда башка бирдемеге айланышып, убакытты бекер өткөрүүнү жаман көрөр эле* (Сасыкбаев). *Бир жумушка айланышып кечигип калдым* («Ала-Тоо»).

**АЙЛАП** Ай сайын, айына бир жолу. *Айылыңа айлап эмес жылдап барбай* (Өмүрканов).

**АЙЛАП-ЖЫЛДАП** Узак убакытка чейин, бир нече ай же бир нече жыл бою. *Айлап-жылдап жалгыз сен деп түгөндүм* (Кожомбердиев). *Айлап-жылдап сапар чегүү.*

**АЙЛАСЫ АЛТЫ КЕТҮҮ** *к.* **Айласы кетүү.**

**АЙЛАСЫ КЕТҮҮ** Эч амалын таба албоо, аргасы түгөнүү, кыйын абалда калуу, эмне кыларын билбей абдан кыжалат болуу. *Жетип айдоого жол жок, айлалары кетиптир* (Убукеев). *Ырас, балам Искендер, журттан айла кетти* (Турусбеков). *Капа болуп турганда бирөө менен сырдашкым келди, айлам кетти* (Бердикеев). **В.: Айласы куруу.** *Буга да бардыгы бир ооз, Шералинин айласы куруп кетти* (Касымбеков). *Эми ыраса айлам куруду* (Касымбеков). **Айласы түгөнүү.** *Эмне кылуу керек? Айлам түгөнө баштады* (Каимов). *Айла түгөнсө, ошолорду... көтөрүп баргыла* (Бейшеналиев).

**АЙЛАСЫЗ** 1. Айла жоктон, өз эрки менен эмес, амалсыздан. *Алдымдан ымдуу сыз өтөт, Айласыз жатам жалдырап* (Токтогул). *Канчалык кайрат байлап жулунсам да, Айласыз жетегине далай көнгөм* (Бөкөнбаев). 2. Айла табылбаган, айла кылууга мүмкүн болбогон, айласы куруган. *Татыбек айласыз абалда калды* (Байтемиров). 3. Эң, абдан, өтө эле, айлада жок, болжолсуз. *Айласыз жаман. Айласыз семиз. Айласыз баатыр чочкого чабат* (макал).

**АЙЛАСЫЗ БААТЫР КАМАНГА ЧАБАТ** Акыл менен иштебеген адам, айла менен иштебей, күчкө салып качырып кирген адам – өзү мерт болот деген мааниде. *«Айласыз баатыр каманга чабат» болуп, манапка кол көтөргөндөн айланат бекен? Мунун атасы жаман неме болучу – жаткан үйга мине албаган* (Ш.Үмөталиев).

**АЙЛАСЫЗДАН** Айла жоктон, айласы ку-

ругандан, айла кылууга мүмкүн болбогондуктан, амалсыздан. *Айланайын тийбе деп, Айласыздан жалындым* (Токтогул). *Салык айласыздан атынын башын бурду* (Каимов).

**АЙЛАСЫЗДЫК** Айла жоктук, амалсыздык, эч мүмкүндүгү болбогондук, айла кылууга мүмкүн болбогон абал.

**АЙЛАСЫН КЕТИРҮҮ** Өтө кыйын, абдан ыңгайсыз абалга калтыруу. *Достун ыйык сезимин булгай берсе болобу? – дешип туш-туштан чыгышып, Жайдарбектин айласын алты жерден кетиришиптир* (Медетов).

**АЙЛАЧЫЛ** Айла тапкыч, айлакер, ыкчыл, эпчил. *Аңдап көрчү, балдарым, Айлачыл болор бала экен* (Тоголок Молдо).

**АЙЛАШ** Бир мезгилде төрөгөн же бир мезгилде төрөй турган. *Уулжан менен айлаш элем, Бирге талгак болгонбуз* (Токомбаев). *Айлаш катын – муңдаш* (макал).

**АЙЛУУ** Ай жарык болуп турган, ай тийип турган. *Кайык миндик көлдүн айлуу түнүндө* (Мидин).

**АЙЛЫК** 1. Аткарылган иши үчүн ай сайын алып туруучу эмгек акы. *Сиз айлык аласыз, мен окуп жатам* (Таштемиров). *Айлыгынан тышкары, Жаңы кийим көп берди* (Осмонкул). *Сурабаңыз, артып калат айлыгым* (Токомбаев). 2. Ай бою аткарыла турган, аткарылууга тийиш болгон. *Күндүк, айлык нормаларын, Беш мертебе ашырган* (Бөкөнбаев). *Айдай жүзү абийир тапкан абам бар, Айлык иши жылдык ишке барабар* (Нуркамал). 3. Бир же бир нече айды ичине алган мөөнөткө туура келген, ошондой мөөнөткө ылайыкталган мезгил өлчөмү. *Бир айлык отпуск. Кыргыз китептеринин айлыгы. Достуктун айлыгы. Аялды жаңы алдым эле, үч айлык боюнда калды* (Жакыпбеков).

**АЙЛЫК ЖОЛ** Өтө узак, алыс жол. *Арымсыз айлык жолун күндүк кылып, Автобус буркуратты даңгыр жолду* (Элебаев).

**АЙМА** 1. Бурдап, жалмап сугунуу. *Жакып экөөбүз эми эле тамакка тоюп келгенбиз. Болбосо эмгиче аймап коймокбуз* (Бейшеналиев). *Адырдагы бетеге, Аймап жеген торпогум* (Тоголок Молдо). 2. Тырмап жулуу. *Беш тырмагын салбасын, Бетин аймап албасын* («Курманбек»). 3. *өт.* Өлтүрүү, жок кылуу. *Абыкесин аймармын, Көбүштү көргө киргизип, Көпчүлүктөн айдармын* («Семетей»). *Асылды аймап жеп болдум, Куу душманга кеп болдум* («Сейтек).

**АЙМАК I** 1. Белгилүү бир территория, кандайдыр бир өлкөгө, административдик территориялык бөлүнүшкө караштуу жер. *Танабай бул аймактын коён жатагына чейин билет, адаша койбос, ат чыдаса болду* (Айтматов). *Биздин районубуз республиканын борборунан ыраак жайгашкан тоолуу аймактын бири* («Советтик Кыргызстан»). 2. Белгилүү бир чөйрө, бир нерсенин айланасы, айлана-чөйрөсү, тегереги. *Жалгыз калар мен белем, Аймагымдан айрылып* («Эр Табылды»). 3. Эл-журт. *Алты миң түтүн катаган, Ат-Башы, Нарын жерине, Аймагы менен бут консо* («Эр Табылды»).

**АЙМАК II** *эск.* Баш кийимге тагылган коздук. *Алтын аймак, чакмак бөрк* («Манас»).

**АЙМАК ТААНУУ** 1. Жер таануу, өз өлкөсүн кыдырып, анын географиялык ж.б. шарттарын үйрөнүү; 2. Өз өлкөсүн, анын жаратылышын, географиялык абалын, тарыхын үйрөтө турган илим. *Аймак таануудан сынак болбойт экен.*

**АЙМАКТАШ** Аймак жагынан чектеш, коңшулаш. *Аймакташ элдер жоодон үрккөндөй көчө качышты* (Токомбаев).

**АЙМАКТУУ** Аймагы, территориясы кең, көп жерлүү.

**АЙМАКТЫК** Белгилүү бир аймакка тааndык, ошол аймакта турган. *Биздин аймактык адамдар.*

**АЙМАЛА** 1. Эриндер менен, тил менен жалмалоо. *Ак мамаңды аймалап, Эмдим эле энеке* (Турусбеков). *Аймалап жыттап жүрөйүн, Ай сайын эмес, күнүнө* (Үмөталиев). 2. Жыттагылап өпкүлөө. *Чоң эне кагылыпсогулуп небересин аймалады* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Илеби урунуп, тийип кеткен абал (шамалга, желге карата). *Бетти-колду бирде жылуу, бирде салкын жел аймалайт* (Сыдыкбеков). *Суук шамал Касейиндин беттерин каарып, колдорун аймалайт* (Сыдыкбеков).

**АЙМАЛАТ аймала** этишинин аркылуу мамилеси. *Мала тумшук ак козу, Аймалатты упчуну, Жука кызыл тилине* (Токомбаев).

**АЙМАЛАШ аймала** этишинин кош мамилеси. Бирин-бири жыттагылап өбүшкөн абал. *Беттерин аймалашып, көпкө кучакташып көрүшүштү* («Ала-Тоо»).

**АЙМАЛОО аймала** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙМАТ айма** этишинин аркылуу мамилеси. *Тигинин курч тырмактарына бетимди айматып алып, шаштым кетип калды* (Акматов). *Аңызыңдан айматып, Айдаганы комбайн* (Калык).

**АЙМОО аймала** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙНА** *диал.* Күзгү.

**АЙНАНАЙЫН айланайын** менен бирдей. *Ой, айнанайын Акишим, ичиң басылдыбы?* (Сыдыкбеков).

**АЙНЕК** 1. Кварц кумуна кээ бир башка заттарды кошуп эритүү жана химиялык жол менен иштетүүнүн натыйжасында алынган тунук материал. *Айнек заводу.* Ошол материалдан жасалган ар кандай башка буюмдар же ушул эле материалдын терезеге ж.б.

колдонулуучу жука, жазы тилкеси. *Терезенин төрт көзүнүн тең айнектери бүтүн* (Сыдыкбеков). *Жылтыраган айнек жок, Караңгы тамда жатамын* (Токтогул). 2. *диал.* Күзгү. 3. *өт.* Чолпонум, тунугум, асылым деген маанилерде эпитет катарында колдонулат. *Баатырдан калган белегим, Төрөмдөн калган айнегим* («Сейтек»). *Айнегим Топчу эрмегим, Аманын атаң көрбөдүң* (Токтогул). 4. *сүйл.* Шише, шише идиш, ар кандай шише буюмдар. *Балдан тарткан киричмесин айнек аягына куят* (Сыдыкбеков).

**АЙНЕКСИЗ** Айнек коюлбаган, айнек салынбаган, айнеги түшүп же сынып калган. *Терезенин көздөрү айнексиз бойдон калбасын деп, айнектетип койду* («Ала-Тоо»).

**АЙНЕКТЕ** Айнек коюу, айнек салуу. *Терезелерди айнектеп бүттү.*

**АЙНЕКТЕЙ** 1. Айнекке окшогон, айнек сыяктуу. *Айнектей муз.* 2. Мөлтүрөгөн, жакшынакай, күзгүдөй. *Айнектей сулуу жар болсо Өмүрлүккө сүйгөнүм* (Токтогул). *Аткан таңдай кашкайып, Айнектей бетиң тастайып* (Тоголок Молдо). *Чексиз асман көк айнектей мелтиреп, Окшошконсуйт биздин жашыл жер менен* (Токомбаев). *Кичирээк бөлмөдө ак халат кийген орто бойлуу жигит айнектей тунук нерсени текшерип жатты* («Советтик Кыргызстан») .

**АЙНЕКТЕЛ айнекте** этишинин туюк мамилеси. *Айнектелген ичи таза, Темир мештер жагылды* (Бөкөнбаев). *Алды-үстүнүн бардыгы айнектелген чоң капас даярдадык* («Ала-Тоо»).

**АЙНЕКТЕТ айнекте** этишинин аркылуу мамилеси. *Терезесинин көздөрүн айнектетип алды* («Аалам»).

**АЙНЕКТӨӨ айнекте** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙНЕКТҮҮ** Айнек коюлган, айнек салынган. *Айнектүү шкаф. Айнектүү терезелер.*

**АЙНЕКЧЕ** Кичинекей айнек. *Айнекчеси кызарган. Алтымыш бурап чойгондо, Калыбына койгондо, Төш жарыдай узарган* («Манас»).

**АЙНИКЕЙ айныкей** менен бирдей. *Айникейим кармады.*

**АЙНУУ айны** этишинин кыймыл атоочу. *«Беймаза болуп жүрбөйлү» деген ой туулуп, орто жолдон кайра айнуугa туура келди* («Ала-Тоо»).

**АЙНЫ** 1. Убададан тануу, айткан сөздөн кайтуу, баш тартуу, баштаганын аягына чыгарбай, айникейи кармаган абал. *Антым ак, убадам бир, күтөм... күтөм... Айныбайм, үмүт үзбөйм, чыдайм күтөм* (Осмонов). *Айдай эмне үчүн качат, убадасынан айныдыбы?* (Байтемиров). *Үйгө барбай, айнып калдык* (Абдукаримов). 2. Мурдагысындай болбой, эс-акыл, ден соолук, жөндөмдүүлүк ж.б. жагынан начарлай түшкөн абал. *Айныгандыр кадимки Абышканын чечени* (Тоголок Молдо). *Айныпсың, балам, акылдан!* («Семетей»). *Табы айнып турат дегидей эчтемеси жок, сопсоо эле жүргөнсүйт* («Ала-Тоо»).

**АЙНЫБАС** Убадага, шертке, антка бек; кыйбас. *Адамдын айныбас жары болуу бакыт* (Турсунов).

**АЙНЫКЕЙ** Айнып кетме адат, өнөкөт; айнып кетүүчүлүк. *Сайранын айныкейи кармадыбы, кайра барып кроватка жата кетти* («Чалкан»).

**АЙНЫКСА** *диал.* Айрыкча, өзгөчө. *Айныкса быйылкыдай болгон эместир күндүн ысыгы.*

**АЙНЫМА** Айнып кетме, убадасында турбай коймо. *Айныма эски жоругун, Атакем эми койгондур* (Маликов).

**АЙНЫМАЙ** Айныкей, айнып кетүүчүлүк. *Айнымайы кармабаса экен.*

**АЙНЫП КАЛУУ** 1. Бир нерсени ниеттенгенде же бирөөгө убада кылганда, кайтадан жанып, аларды орундабай коюу. 2. Карылыгы жеткен адамдын мурунку эс-акылынан жанып, дайны жок сүйлөп калуусу. *Айнып калган экен кайран киши! Айныр убагы боло элек эле, буга уулу кылып кетти* (Өмүрбаев).

**АЙНЫТ айны** этишинин аркылуу мамилеси. *Мени айнытa берип, акыры максатыңа жеткен экенсиң да* («Чалкан»). *Айландырды башымды, Айнытып салды акылды* (Тоголок Молдо).

**АЙПАП-ЖАЙПАП КЕТҮҮ** Жайылып каптап кетүү, ашып-ташып кетүү (суу, дарыя жөнүндө). *Суу киргенде жээгинен ашып, айпап-жайпап кетет.*

**АЙПООЧ** Кепиндин белден тизеге чейин ороло турган бөлүгү. *Ак кепиндеп, аруу жууп, Айпооч салып, белин бууп Көмгөнүм жок, Эшмамбет* (Токтогул). *Айпооч салып белин бууп, Соопко дакыл болсоңор* («Эл адабияты»).

**АЙРАН I** Сүттөн уютулган ачкыл тамак. *Көөрчөккө үйрөнгөн койчулар айран ичмек беле* (Токомбаев). *Айран сурап келсең, аягыңды жашырба* (макал).

**АЙРАН II** Таң калгандык, аң-таң болгон абал. *Калың эл үч баатырга айран калды* (Токомбаев). *Айткан кеби орунсуз Адам айран ишине* (Тоголок Молдо). *Айран азыр калганы* («Манас» С.О.).

**АЙРАН-АЗЫР** Аң-таң, айран-таң. *Адам эмес, дөө го деп, айран-азыр калышты* («Манас»). *Бул сөздү угуп Табылды Айран-азыр калды эми* («Эр Табылды»).

**АЙРАН-ТАҢ** Эч нерсени билбей, эч нерсеге түшүнбөй таң калгандык. *Акылын баштан качырып, Айран-таң калды ал кезде Жийденин оозу ачылып* (Мамеев).

**АЙРАНДА** **ойрондо** менен бирдей. *Иши айрандап, амалы куруду.*

**АЙРАНДЫК** Айран, уютууга арналган, айран болууга жарарлык. *Айрандык сүт. Айрандык саан.*

**АЙРӨК** Бирөөнү эликтегенде, шылдыңдаганда айтылуучу сөз. *Ал жактаган доңузду Ат сооруга салалы Көргүлүгүн көр кылып, Айрөк-айрөк кылалы* («Сейтек»).

**АЙРӨКТӨ** «Айрөк, айрөк» деп шылдыңдоо, кордоо, мыскылдоо, ардантуу. – *Сен сууну бөгөп жата тур! – деп күрөккө таянып Желкикараны айрөктөп турдум* (Сыдыкбеков). *Арданбай байкуш угуп тур Айрөктөп аалам күлгөнүн* (Бөкөнбаев).

**АЙРӨКТӨӨ** **айрөктө** этишинин кыймыл атоочу. *Бирөөнү айрөктөөнү сага ким койду экен, сен эле мыкты болуп кетипсиңби?* («Ала-Тоо»).

**АЙРӨӨК** *туурасы:* **айрөк**. *Айрөөктөшүп карага* («Манас» С.О.).

**АЙРУУ** **айры** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙРЫ I** Чөп, саман же башка нерселерди сузуп көтөрүү, чачуу, чогултуу үчүн колдонулуучу бир нече ачалуу, узун сабы бар айыл чарба шайманы. *Темир айры. Жыгач айры. Акман айрыны колуна кармай басып көчөнүн боюнан чыкты* (Сыдыкбеков).

**АЙРЫ II** *диал.* аары.

**АЙРЫ III** Эки ача, эки айрык болуп турган, ачаланган. *Жол айры болсо, иттин башы каңгы болот* (макал). *Көрүндү бир түп айры шыбак, жүгүрүп келди эки улак* (Борбугулов). *Алтымыш айры бугудай Шаңкайып турат сыягы* («Манас»).

**АЙРЫ IV** **айыр** менен бирдей. *Мага беш метр чыт айрычы, балам, – деди байбиче дүкөнчү келинге* («Ала-Тоо»).

**АЙРЫ V** Эки өркөчтүү төө (бир өркөчтүү нардан айырмалоо үчүн айтылган түшүнүк). *Айры менен нарынан* («Манас» С.О.).

**АЙРЫ КУЙРУК** Кулаалылардын түрүнө кирүүчү ийри тумшук жырткыч канаттуу. *Айры куйрукка алдырбай, балапандарды сак кайтар* (Сыдыкбеков).

**АЙРЫ ӨРКӨЧ** Кош өркөчтүү, эки өркөчү бар (төөгө карата). *Айры өркөч нарга жүк артып, Ак үйүн чечип бүт артып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АЙРЫ ТӨШ** Адам, киши. *Айры төш бирде мырза, бирде кул* (Даникеев). *Балбанга түшүп байге да алдым. Мен ушул күнгө чейин айры төштүн алдында калганым жок* (Токомбаев).

**АЙРЫБАШ** *туурасы:* **айырбаш**.

**АЙРЫК** 1. Кийимдин же башка нерсенин айрылып калган жери. *Наташа чапандын айрыгын ыпыйта кармап тиге баштады* (Жантөшев). *Баштыктын айрыгы чоңоюп, талкан чубура турган болду* («Жаш ленинчи»). 2. Бир нерсе тийип, дененин айрылып, зыяндап калган жери. *Ал турмак, колунда сынык тагы бар, Башында айрык тагы бар* («Эр Табылды»). 3. Кийимдин, чүпүрөктүн айрылып, бөлүнүп калган бөлүгү, айрындысы. *Этектин айрыгы. Жоолуктун айрыгы.* 4. Коктунун, капчыгайдын же суунун бөлүнгөн салаасы. *Төр улам өйдөлөгөн сайын бир нече айрыктарга бөлүнөт* (Сыдыкбеков). *Орто жерде арылдап, Нура суусунун бир айрыгы жатат* (Жантөшев).

**АЙРЫКЧА** Өзгөчө, бөтөнчө. *Айрыкча Калдар каршы чыгып, талашканы көз алдында турду* (Жантөшев). *Жарашпайт экен ичкилик, Айрыкча көк ала сакал карыга* (Шүкүрбеков).

**АЙРЫЛ** **айыр** этишинин туюк мамилеси. *Искендерден айрылып не муратка жетебиз!* (Турусбеков). *Баш айрылса – бөрк алды, Колубуз сынса – жең ичи* («Мендирман»). *Сарала чапандын бир жеңи батып, бир жеңи колтугунан ылдый дар этип айрылып түштү* (Касымбеков).

**АЙРЫЛА** Айры менен сузуп көтөрүү, оодаруу. *Бакалын силкип айрылап, Жазганын айтсак болбойбу?* (Токтогул).

**АЙРЫЛГЫС** Айрылбай турган, ажырагыс. *Айрылгыс дос.*

**АЙРЫЛЫШ** Суунун же жолдун бир нече тармакка айрылган, бөлүнгөн жери. *Бышты жолдун айрылышында чөп жалмалап туруптур* (Касымбеков). *Бир кезде Тойчубек эки жолдун айрылышына келди* (Баялинов).

**АЙРЫМ I** Кээ бир, кайсы бир. *Жылдызкан айрым кемчиликтерди оңдоо маселелерин козгогон* (Байтемиров). *Айрым адамдар бул кептин түйүнүн чече алгыдай эмес* («Ала-Тоо»).

**АЙРЫМ II** Өзүнчө, бөлөк, жеке. *Айрым жазуу. Башкаларга кошулбай, айрым турган бул үйдүн жарыгы өчпөй, көпкө чейин кобур-собур басылбайт* («Ала-Тоо»).

**АЙРЫМ III: бир айрым** Айрып алынган, бөлүнүп алынган, бир чарчы. *Бир айрым жоолук.*

**АЙРЫМ-АЙРЫМ** Бөлөк-бөлөк, башка-башка.

**АЙРЫМА** *туурасы:* **айырма**.

**АЙРЫМАЧ** **айырмач** менен бирдей. *Айры өркөчтүү нарга артып Айрымач токуп малга артып* («Олжобай менен Кишимжан»). *Айрымач ээрлүү жорго тай минген жаш бала демитип, камчы менен түртүп коюп, ак тайлактын жинине тийип ойноп келет* (Касымбеков).

**АЙРЫНДЫ** Кездеменин же башка нерсенин айрып алынган же айрылып калган бөлүгү, айрыгы. *Малиновский кагаз айрындыларын термелеп чогулта баштады* (Сасыкбаев). *Афишанын айрындысы.*

**АЙРЫП АЛГЫС** Коёндой окшош, абдан окшош, куюп койгондой окшоштугу бар.

*Экөө тең эгиз болсун айрып алгыс* (Шимеев).

**АЙСА** *туурасы:* **найза**.

**АЙСАЛ-БАЙСАЛ КЫЛБАСТАН** Башаягын жыйдырбай, арыдан бери, заматта, бир паста, бат эле. *Айсал-байсал кылбастан, Алып кеттиң кегиңди* (Тоголок Молдо).

**АЙСБЕРГ** Океан, деңиз сууларында калкып жүрүүчү муз тоо; көбүнчө Антарктиданын жака белдеринде океанда сүзүп жүргөн эбегейсиз чоң муздар.

**АЙСОРЛОР** *ж. с.* ***айсор, ассириялыктар*** менен бирдей.

**АЙСЫЗ** Айлуу эмес, ай көрүнбөгөн, караңгы. *Айсыз түн. Ар өзөндө электрдик станция Айсыз түндө көргөн адам таң болор* (Маликов). *Күн күркүрөп, чагылган жаркылдады, Айсыз түн... Жылкынын кайда кеткени да билинбейт* (Шүкүрбеков).

**АЙСЫЗ ТҮН** *астр.* Ай, Күн менен Жердин ортосунан алып, ай жаңырган жана ага чукул болгон түн.

**АЙТ I** *дин.* Ислам динindеги элдердин жылына эки жолу майрамдоочу диний майрамы. *Айт да болор, айттын эртеси да болор* (макал). *Келин-кыздын көркүнө Айт, айбашы күн кызык* (Токтогул).

**АЙТ II** 1. Оюн сөз менен түшүндүрүү, бир нерсе жөнүндө баяндоо, сүйлөө. *Суктанткан суунун атасы, Мураптын жайын айталык* (Осмонов). *Айтмайынча – ким билет, ачмайынча – ким көрөт?* (макал). *Мен көп сүйлөөнү каалабайм, ток этер жерин айтамын* (Каимов). *Элебес Шамбеттерге бирдеме деп айткандай болду* (Сыдыкбеков). 2. Кабар кылуу, бир нерсе жөнүндө кабарлоо, кабарлап чакыруу. *Назарбай уулу үйлөнөт имиш. Бизди тойго айткан экен* (Касымбеков). 3. Кээ бир элдик оозеки чыгармаларды (кошок, эпос, жомок, табышмак, жаңылмач ж.б.) аткаруу, көпчүлүк алдында баян этүү, сүйлөп же ырдап берүү. *Кошок айта тургандар тигил үйгө, калган аялдар бул үйгө кирсин деп калышты* («Ала-Тоо»). *«Манас» айткан карыя сиз болосузбу? – деп сурадым. Мен кыргыздын ыр-жомокторун, эски уламыштарын айтчу кишилерге үйүрмүн* («Ала-Тоо»). 4. Диний түшүнүк боюнча башына кыйынчылык түшкөндө, андан кутулуу үчүн кудай жолуна деп бир нерсе арнай турганын, садага берерин билдирүү. *Жети нан баабедин айттың беле? Ак сарбашыл айтып, кудайды үмүткөр кылган экенсиң, бирдеме сойбойсуңбу* («Ала-Тоо»). *Баабединин бат айтып, Ай туякка ат айтып* («Сейтек»). 5. *Тангыч формада:* ***айтпа, айткан жок*** «буюрбаптыр», «ылайык көрбөптүр» деген мааниде колдонулат. *Сүзөнөөк уйга кудай мүйүздөн айтпаган экен* (макал). *Эч болбоду дегенде ырдан да кудай айтпады! – деп бир абышка Өмүргө карады* (Жантөшев).

**АЙТ III** 1. Малды кайырууда, айдоодо, тескөөдө колдонулат. *Айт! айт! деп аттарды алдына салып кууп бараткан экен* («Ала-Тоо»). 2. Итти айдактоодо, тукурууда колдонулат. *Тайгандарын «айт» деп жиберди.* 3. Үркүтүп, чочутууда колдонулат. *Кыярып бышкан ак эгин, Арам колдон аман бол. Айт, айт, куу!* (Осмонов).

**АЙТ БЕРҮҮ** Жылт коюу, жулунуп качып кетүү, тез эле көздөн кайым болуу.

**АЙТ ДЕГЕНДЕ, КЫЙТ ДЕП** Өтө элпектик менен илгиртпей. *Айт дегенде, кыйт деп кайнененин кызматын кылып турсаң, күйөө катары сен соопко калбайсыңбы?* (Үмөталиев). *Айт дегенде, кыйт деп турбаска чарам не?* (Үмөталиев).

**АЙТ ДЕГЕНЧЕ** Дароо, көз ачып-жумганча, бир заматта. *Жубарымбек, айт дегенче көздөн кайым болуптур.* **В.: Айт дегиче.** *Айт дегиче болбой көздөн кайым болду.*

**АЙТ-УЙТ** Көзөмөлдөп, зарылдыгына жараша айтылып турчу акыл кеп, кеңеш. *Ата-эненин айт-уйту ар качан керек тура, жашыңда акылыңа акыл кошсо, улгайганда кадыресе демөөр экен.* («Кыргызстан маданияты»).

**АЙТА-БУЙТА ДЕГИЧЕ** Бир заматта, көз ачып жумганча, дароо, өтө тез, арыдан-бери. *Айта-буйта дегиче, Эр Бакайдын жанына Чаап чыгып барышты* («Манас»). *Айта-буйта дегиче, Ачып көздү жумганча, Алып жетип барайын* («Эр Төштүк»). *Айта-буйта дегиче, Антаңдап шашып Карачач, Айчүрөккө барды эле* («Сейтек»). **В.: Ана-мына дегиче.** *Ана-мына дегиче, Ачып көздү жумганча, Айлына жетип келгени* («Эр Төштүк»). **Андай-мындай дегиче.** *Андай-мындай дегиче, Кумурска жайнап кетти эле* («Эр Төштүк»). **Андай-мындай дегиче, ачып көздү жумганча.** *Андай-мындай дегиче, ачып-көздү жумганча мерчемдүү жерге барыптыр, айтылган Жаман-Аскада аркарлар туруп калыптыр* (Медетов).

**АЙТАК** Көбүнчө жылкыны айдоо-тескөөдө, үркүтүүдө колдонулат. *Үрккөнү тургaн жылкыга айтак десең не зорлук* (макал).

**АЙТАКТА** «Айтак» деп кыйкырып дүрбөтүү, үркүтүү.

**АЙТАЛ** Айтканга, айтып жибергенге мүмкүнчүлүктүн бар экендиги. *Кайгыга менин дагы жаным күйгөн, Айталбай туруп калгам жарым сүйлөм* (Өмүрканов). **-ба** мүчөсү менен келсе, анын тескерисинче болот. *Сан курдаштын бирине жан сырын төгүп айталбай эки үйдүн ортосунда жүргөн...* (Станалиев). *Ал ишти ким жасагандыгын айталам.*

**АЙТАЛАА** *туурасы:* **ай-талаа.** *Алиги адам сиңип кетти мейкинге Айталаага*

*чалдын сөөгүн калтырып* (Мамеев). *Айлана тоо… күз асманы күүгүмдөп, айталаада аппак болуп Айдан да* (Өмүрканов).

**АЙТАРЛЫК** Баа берүүгө, кепке-сөзгө алууга татырлык. *Мыкты деп айтарлык адам. Жакшы деп айтарлык эмес.*

**АЙТКАНДАЙ** Бир нерсени унутуп коё жаздап, кайра эстей калганда же айтылып жаткан кепке дагы бирдемени кошумчалоого, кыстара кетүүгө туура келген учурда айтылат. *Айткандай, иничек бул агаңдын баягы суроосуна эмне жооп болор экен* («Ала-Тоо»).

**АЙТКАНСЫ** Айткан шекилди болуп, айткан өңдөнүп. *Чубалып үзүлүп үзүлбөй, арманын айткансып кайдагы* (Өмүрканов).

**АЙТКАНЫ АЙТКАН, ДЕГЕНИ ДЕГЕН** Бардыгы айтканындай болот, эч өзгөрүлбөйт деген мааниде. *Ошондуктан буларга Жылдыздын айтканы айткан, дегени деген* («Кыргызстан маданияты»).

**АЙТКАНЫ ЭКИ БОЛБОО** Айтканы айткандай болуу, убададан тайбоо, дегени аткарылбай калбоо.

**АЙТКАНЫН ЭКИ ДЕБӨӨ** Айтканды айткандай аткаруу, эч каршылык көрсөтпөө, ою менен болуу. *Айтканыңды эки дебей, эпилдеп турган кичинекей кагелес жигит* (Укаев). *Аны сестра, санитаркалар сыйлашып, айтканын эки дешпейт* (Сыдыгалиев). **В.: Айтканын эки кылбоо.** *Атасынын айтканын эки кылбаган он бирдеги кызы менен тогуздагы уулу* (Жигитов). *Эл кадырлайт, этегиңди өбөт, «ажы аке» деп айтканыңды эки кылбайт! – деп Карасакал өзү да кубанычын жашыра албай, уурту тартыла жымыйып, эки көзү жайнады* (Касымбеков). *Өз ишин жакшы билет, айтканын эки кылбайт* (Эралиев).

**АЙТКАНЫНАН КАЙТПОО** Өз билгенин бербөө, айтканын айткандай аткаруу, көздөгөнүнөн баш тартпоо. *Ал эми манаптар Токтогулдун айтканынан кайтпас көктүгүнө көздөрү жетип чындап өчөгүшү* (Бейшеналиев). *Айтканынан кайтпаган Акыл жигит жакшы экен* (Барпы).

**АЙТКАНЫНАН ЧЫКПОО** Сөзүн эки кылбоо, ою менен болуу. *Айтканынан чыкпаган, кийлигишпеген мындай жоош жумушчуну кайдан табат?* (Айтматов).

**АЙТКАНЫҢ КЕЛСИН** Бирөөнүн жакшы каалоосуна, тилегине ыраазы болуу маанисинде жооп катары айтылган сөз. *Айтканыңар келсин, Кагылайындар! Акыры көрөр күн, ичээр суубуз бар экен* (Саатов).

**АЙТМАКЧЫ** «Айткандай», «баса» деген мааниде колдонулат. *Айтмакчы, бая күнү кинодо бирге болдук* (Каимов). *Айтмакчы, бир кызык кеп бар!* (Жантөшев).

**АЙТООР, АЙТООРУ** *туурасы:* **айтор.**

**АЙТОР** Айтылып өткөндөрдү кыскача жыйынтыктоо, корутундулоо же анын болжол, ачык эмес экендигин көрсөтүү иретинде колдонулат. *Кайда баратканын өзү да билбейт, айтор, улам өйдөлөп, тоо жакка кетип баратат* (Байтемиров). *Айтор, сенин бермейиңен алмайың көбөйүп кете турган болду го* («Чалкан»).

**АЙТОРУ** *диал.* Айтор. *Айтору күчүк адегенде ал үйдүн эч кимисине сүймөнчүк боло албады* (Акматов).

**АЙТПАГАНДЫ АЙТУУ** Оозго алгыс сөздөр менен сөгүү, жаман айтып тилдөө көңүл калтырарлык кептерди айтуу. *Айтпаганды айтып урушту.*

**АЙТСА-АЙТПАСА ТӨГҮНБҮ** Туптуура, чындык, дал ушундай. *Айтса-айтпаса төгүнбү? Алар бөйрөктөн шыйрак чыгарышты* (Абдукаимов). *– И, ушуну укмаксыңар, айтса-айтпаса төгүнбү, булар келгенде бир койдун мойну үзүлмөйүн болбойт, – деди Сулайман* (Абдукаимов). *Айтса-айтпаса төгүнбү? Кетип бара жаткандардын баары али быша элек* (Абдукаимов). *Бул кордуктан өлдүм – деп, Айтса-айтпаса төгүнбү, Ажал айдап келдим – деп* («Семетей»).

**АЙТТА** Айт күнү үй-үйгө кирип кыдырып майрамдоо. *Айттап жүргөндөр эки айылдын кыз-келиндери эле* («Ала-Тоо»).

**АЙТТАТ айтта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙТТЫ-АЙТПАДЫ ДЭЭРСИҢ** Сөзсүз, болору бышык, анык деген мааниде. *Айтты-айтпады дээрсиң, акыры уулду сенден тартып алат* (Бердикеев).

**АЙТТЫК** Айтка даярдалган тамак-аш, айттап келгендерге көрсөтүлүүчү сый.

**АЙТТЫР айт II** этишинин аркылуу мамилеси. *Алдыңа киши жиберип, Айттырам кабар мен сага* («Эр Табылды»). *Көкөтөйдүн жоктоосун Кулайымга айттырып* («Манас»).

**АЙТУУ айт II** этишинин кыймыл атоочу. *Жомок айтуу. Ыр айтуу. Кеп айтуу. Сыр айтуу.*

**АЙТУУЧУ** Элдик чыгармаларды (эпосторду, жомокторду ж.б.) аткаруучу, айтып берүүчү. *Айтуучуга ат берип, Айттырбаймын жөнөкөй* (Тоголок Молдо).

**АЙТЫЛ айт II** этишинин туюк мамилеси. *Жүрөктөн чыккан ырларым Силерге, элим, айтылды* (Осмонкул). *Баятан бери айтылгандар менен Адам бийиктиги көрсөтүлүп, ченелип бүттүбү же дагы калдыбы?* (Даутов).

**АЙТЫЛУУ** Көпчүлүк айтып, даңктап жүргөн, элге маалим болгон. *Айтылуу курорт Арашан, Атыңды уккан кызыгат* (Осмонкул). *Айтылуу Током келди деп, Аял, эркек тыңдасын* (Токтогул).

**АЙТЫМ** 1. Айтылган сөз, бирөөнүн айтканы. *Ар кимдин айтымына караганда, аны өлтүргөн кулактар болуу керек* (Байтемиров). 2. *адаб.* Байыркы учурлардан

ыр деген сөздүн ордуна айтым деген колдонулган, азыр да кытайдагы кыргыздар көбүнчө ыр дебейт, айтым дейт, эмгек айтымы эм-дом айтымы, дагы башка айтымдар дешет.

**АЙТЫМДУУ** Айтып жүрөрлүк, айта жүрөрлүк, мазмундуу, угумдуу. *Айтымдуу сөзгө канасың, Алыстан келген баласың* (Токтогул).

**АЙТЫМЧЫ** *диал.* Оозеки адабиятты жакшы билген адам. *Ал абдан айтымчы болчу.*

**АЙТЫП БОЛГУС** Өтө укмуш, көп, айта берсе түгөнгүс, сөз менен айтып жеткире алгыс. *Өнөрү бар айтып болгус.* **В.: Айтып түгөткүс.** *Айтып түгөткүс жоругу бар* («Ленинчил жаш»).

**АЙТЫП ООЗУН ЖЫЙГЫЧА** Сөзүн бүтө электе, дароо, ошол замат. *Амандашып тургуча, Андай-мындай дегиче, Айтып оозун жыйгыча* («Эр Төштүк»).

**АЙТЫШ I** 1. Белгилүү бир маселе боюнча түрдүүчө ойлорун ортого салып, бири-бирине карата айтылган талаш-тартыш; диспут; дискуссия. *Бул маселе боюнча далай айтыш-тартыштар болгон.* 2. Төкмө ырчылардын бири-бири менен алым сабак айтып, көпчүлүк алдында сынашып ырдагандары; сөз жарышы. *Айтыш жарты сааттай созулду* (Элебаев). *Барпы айтышка түшө баштаган маалда бул өнөрдүн классикалык улуу доору өкүм сүрүп тургany баарыга маалым* (Даутов). 3. Сөз кайтарып кагыша түшүү; каяша кылып, өйдө-төмөн дешүү, урушуп калуу. *Жигит да кабагын түйүп, албууттанып айтыша кетти* (Сасыкбаев). *Савельев курбусу менен абдан айтышып, сөз талашып калган* (Сасыкбаев). *Калбүбү бригадир менен айтыша кетти* («Чалкан»).

**АЙТЫШТЫР айтыш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Айтыштырып жеңишерге, аш-тойдо Бай-манаптын шылдыңынын бири элек* (Калык).

**АЙТЫШУУ айтыш II** этишинин кыймыл атоочу. *Активдер менен кер-мур айтышуу Белекке жат иш* (Жантөшев).

**АЙЧА БЕЛ** Ичке бел, аялдын сымбаттуулугунун белгиси катары айтылат. *Кырмызы көйнөк, айча бел Узуң эсен жатабы* («Сейтек»).

**АЙЧЫК** 1. Айдын кичирейтилип айтылышы, б.а., жаңы туулган ай. 2. Жарым ай түрүндө тууга ж.б. коздолуп сайылган сайма же тартылган сүрөт. Ал көпчүлүк мусулман өлкөлөрүнүн мамлекеттик эмблемасы. *Айчыктуу туулар жаркылдап.* («Манас» С.О.). *Келериңде, дүнүйө, Айчыгы алтын туудайсың, Кетериңде, дүнүйө, Соолгон кудук суудайсың* (Токтогул). *Айчыгы алтын көк тууну Алып бергин, эр Кошой* («Манас»). 3. *диал.* Коздолуп жасалган кийимдин бир түрү. *Айчыкыт кийсе буралган, аргымак минсе кубанган.*

**АЙЧЫКТА** Айчык түшүрүп саймалоо, айчыктуу түр салуу.

**АЙЧЫКТАТ айчыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙЧЫКТОО айчыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**АЙЧЫКТУУ** 1. Айчыгы бар, айчык түшүрүлгөн. *Асаба желек калкылдап, Айчыктуу туулар жаркылдап* («Манас»). 2. Маңдайында айчык сыяктуу кашкасы бар (жылкыга карата). *Айчыктуу күлүк кызыл ат Айда аркандап минесиң* (Үсөнбаев).

**АЙЧЫЛЫК** Бир айлык, бир айчалык. *Арт жагымды карасам, Айчылык алыс жер калды* (Элебаев). *Айчылык жерге талбаган, Күлүктү кыргыз топтоду* (Бөкөнбаев).

**АЙЫ ОҢУНАН ТУУ** Иши оңолуу, ойлогон ою оңунан чыгуу, жолу болуу. *Булутту кууп жарк этип, Ай тууган сып оңунан* (Жантөшев). *Быйыл алардын айы оңунан туулду.*

**АЙЫГУУ айык** этишинин кыймыл атоочу. *Эми сиздин ооруга Айыгууга эм берет* (Тоголок Молдо). *Табып өзү келүүчү Айыгуучу жарага* (Жантөшев).

**АЙЫГЫШ** Өчөгүшүү; эрегишип касташуу, өжөрлөнө каршылашуу. *Кабыл да кашайып айыгышып алды* (Элебаев). *Ошондон тарта тигилер айыгышып калышат* (Байтемиров). *Жатактын сырттанына айыгышпай, Кызыл чок жолу менен кетсе кантет* (Турусбеков).

**АЙЫГЫШКАН** Бири-бирин аёо болбой, башка-көзгө карабастан; жан аябай. *Айыгышкан кармаштарда аянбай Алдым жоодон өчүңдү* (Жусуев).

**АЙЫГЫШТЫР айыгыш** этишинин аркылуу мамилеси. *Ошентип Орой ага ак көңүлү менен Акбейил жеңени мактап коём деп, Чыргоо жеңени Акбейил жеңеге айыгыштырды да койду* (Убукеев).

**АЙЫГЫШУУ айыгыш** этишинин кыймыл атоочу. *Бири-бирине айыгышуудан пайда болор эмес, эки агайыңды тынчытып коёлу* («Ала-Тоо»).

**АЙЫЗ** (мед.) Аялзатынын ай сайын келүүчү этек кири, менструация. *Айызы келүү. Айызы токтолуу.*

**АЙЫК** Сакаюу, оорудан сакаюу, оңолуу; илдет кетип, ден соолуктун жакшырган абалы. *Ооруну сураса, айыкканга тете* (макал). *Айыгасың, семиресиң, күч аласың, ал жерде жайдын күнү бир ай жатсаң* (Шүкүрбеков). *Аз күндө айыгып бул жараат Калыбыма келермин* («Эр Табылды»). *Эшен, кожо чогулуп Дем салган менен айыкпайт* (Барпы). *Кабар күтүп, айыгат деп кубанып, Тилек кылып, Кудай-таалам суранып* (Акматалиев).

**АЙЫККЫС айыкпас** менен бирдей. *Айыккыс дарт.*

**АЙЫКПАС** Сакайбай турган, айыгууга

болбогон. *Капшап болуп Чынгышты, Айыкпас кезик тооруптур* («Мендирман»). *Ааламдан келген үнүңдөн Айыкпас жарам айыкты* (Өмүрканов).

**АЙЫКТЫР айык** *этишинин аркылуу мамилеси. Аба жуттум, кымыз ичтим, эс алдым, Айыктырды оң санымдын жарасын* (Үмөталиев). *Айыктырып аларга Таппады Аккан айланы* («Курманбек»). *Өңкөй карып сени багып Ушул доктур айыктырган жараңдан* (Элебаев).

**АЙЫЛ I** 1. Көчмөн турмуштагы бир нече үй-бүлөнүн бирге конуп, бирге көчүп, бири-бирине жамаатташ жашаган тобу. *Андагы заман курусун Айылды айыл чабышкан* (Маликов). *Келип түштү Солтобай Кулжыгачтын айлына* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Калк жашаган жер; кыштак. *Кары-жашы калбастан, айылдагылар көчөт отургузууга киришти* (Убукеев). *Келчи, курбум, келчи биздин айылга* (фольк.).

**АЙЫЛ II** *диал.* Басмайыл.

**АЙЫЛ-АПА** Бир айылдаштар; айыл ичи. *Айыл-апанын ынтымагы. Айыл-апага анча белгилүү боло албаган менен, өзүнө өзү тың адам экен* («Ала-Тоо»)

**АЙЫЛ ЧАРБА** Эл чарбасынын дыйканчылык, мал багуу ж.б. жактарын бириктирүүчү атайын бир тармагы. *Айыл чарбасында эмгектенген жаш адистер. Айыл чарба иштери.*

**АЙЫЛ ЧАРБА АРТЕЛИ** Социалисттик типтеги коллективдик чарбанын формасы; колхоз. *Айыл чарба артелдери кубаттуу техника менен жабдылып жатат* («Кыргызстан аялдары»).

**АЙЫЛДА** Айылчылоо; айыл кыдырып, үй-үйлөргө кирип конок болуу. *Курма алыскы айылдагы бир тууганынын үйүнө айылдап кеткен* (Каимов). *Аргымак оозун чойдуруп, Алтын медаль Айшага, Айылдап барар бекенбиз* (Осмонов).

**АЙЫЛДАТ айылда** этишинин аркылуу мамилеси-. *Өзүм менен кошо алып барып, айылдатып келсемби деймʼ?* («Ала-Тоо»).

**АЙЫЛДАШ** Айылы бирге, бир айылдык. *Учурадым айылдаш бир курбума* (Нуркамал). *Айылдаш адамдардын бири-бирине карамдуу болушу туура* («Чалкан»).

**АЙЫЛДАШТЫК** Айылдаш адамдардын бири-бирин жакын саноосу, бирин-бири жактап, колдоп кетме мамилеси. *Айылдаштык кылат го деп, сага ишендим эле* («Чалкан»).

**АЙЫЛДЫК** 1. Айылга, кыштакка таандык; элеттик. *Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы айылдык мектепте бирге окушкан* (Байтемиров). *Сезгендей элдин тобун келаткандар, Бир даары башка айылдык чоочун балдар* (Осмонов). 2. Белгилүү бир айылда жашаган. *Айылдыктардын арасынан да мыктылар чыгат экен го* («Кутбилим»).

**АЙЫЛЧЫ** Айылчылаганды, айыл кыдырганды жакшы көрүүчү, айылчылап жүрүүгө адаттанган. *Апаң маркум айылчы эле, кете берүүчү сени таштап алып* (Шүкүрбеков).

**АЙЫЛЧЫЛА** Айылга же тааныштардын, жакын адамдардын үйлөрүнө меймандап, айылдап баруу. *Жылдызкан үйдө жалгыз. Энеси айылчылап кеткен* (Байтемиров). *Сулай эне мындан үч күн мурун алыс бир колхоздо турган инилериникине айылчылап кеткен* (Таштемиров). *Ат болбосо экөөбүз Айылчылар күн кана?* (Токтогул). *Айрымдары каникул убагында эс алуу үчүн жайлоого тааныштарына айылчылап жөнөшөт* (Бейшеналиев).

**АЙЫЛЧЫЛАТ айылчыла** этишинин аркылуу мамилеси. *Айылчылатпай коюуга акың барбы? – деп баягы какшанган аял дагы жаагын жанды* («Чалкан»).

**АЙЫЛЧЫЛОО айылчыла** этишинин кыймыл атоочу. *Айылчылоодон чарчагыдай болдуң го* («Ала-Тоо»).

**АЙЫМ** 1. Зайып, аял, жар (кадырлап, урматтоо иретинде). *Баатырыңды кул кылам! Айымыңды тул кылам* («Семетей»). *Калматай баатыр зайыбы, Мырза Жаңыл айымы* (Тоголок Молдо). *Кадыры бар калкына Бу кайсы элдин айымы* (Жантөшев). 2. Аялдарга карата сылыктык менен, урматтоо менен кайрылуунун формасы. *Бул кыргыз сага эл эмес, айым. Бул Талас сага жер эмес, айым* («Манас»). *Каныша айым, сизге дат бар* (Жантөшев). *Урматтуу айымдар жана мырзалар! Конференциябыздын эң кызыктуу бөлүгүнө эми келип жеттик болуш керек* (Акматов). 4. Сулуу аял, жар, селки, колукту. 5. Какшыктуу. Жатып ичээр аял. *Анын айымы үйдө созулуп отурат.*

**АЙЫМГҮЛ** *диал.* Сулуу гүл өсүмдүгүнүн бир түрү. *Тегерек деген жерде айымгүл өсөт.*

**АЙЫМКАН** *диал.* Көп ооруп айыга албай жүрүү.

**АЙЫМЧА I** Сабиздин өзөгү.

**АЙЫМЧА II** *диал.* 1. Жаш сулуу. 2. Чучук майга койдун жаш эти, карчыга, бир тилим куйрук боор, сабиз, пияз, сарымсак, калемпир-мурч, зире, помидор кошулуп даярдалган палоо аш.

**АЙЫНАН** Себебинен, азабынан. *Көр оокаттын айынан Кедейлер жүрчү ал кезде Кенен жатпай тынч алып* (Токтогул). *Дал ушунун айынан далай түндөр уйкусуз өткөн да* (Байтемиров). *Жокчулуктун айынан менин башыман далай мүшкүл күндөр өткөн* (Бектенов).

**АЙЫҢ** Ушак сөз, бирөөнү жаман аттуу кылып айтылган ар кандай кеп-келеч. *Айыл-ападагы айың кептерди Асанакун баамдабай кое албады* (Эсенканов). *Чоң жинди экен анык деп, Кара калмак,*

*манжуу журт, Айың кылып жүргөнү* («Манас»).

**АЙЫНДА** Бирөө жөнүндө ушак-айың кеп айтуу, жамандоо, имиш-имиш сөз чыгаргандык. *Желмогуз шум мүнөзүн кыла салып, Арадан ушак айтып айыңдап жүр* (Тоголок Молдо).

**АЙЫҢЧЫ** Божомолду болгон деп, укканын көргөм деп ар нерсени көбүртүп-жабыртып айта бергенге маш адам; ушакчы. *Айыңчылардан сестенип, Чагынов эл көзүнө урунуш үчүн, ары райондон келүүчү өкүлдөрдү акмалап, кеңсеге тушташ дарбазасынан чыкты* (Турсунов).

**АЙЫП** 1. Күнөө, жазык. *Сыркоолугун туйбай ишке бар десе, Сыр билбеген бригадирдин айыбы* («Чалкан»). *Бирок кандай арга кылып анын айыбын ачарын билбей жүрөт* (Байтемиров). *Адашкандын айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң* (макал). 2. Кемчилик, каталык. *Ак кагазды каралап, Кат билбеген айыбым* (Токтогул). *Жаштык айып таттуу ыр менен жетилет, Андай болсо, көп кечикпей кууп жет* (Осмонов). *Ырдашында айып жок, Калыпка тартып койгондой* (Барпы). 3. Кылмышына, күнөөсүнө карата зордук, күч көрсөтүү аркылуу мал же башка нерселер менен төлөтүлүүчү салык, штраф. *Токтогул деп кекетсең, Тогуз айып саларсың* (Токтогул). *Дыйканбай каарына алган кишилерине айып салган* (Бөкөнбаев). *Анча-мынча мал тапса, Алдырып коёр айыпка* (Тоголок Молдо).

**АЙЫП ПУЛ** *экон.* Белгилүү бир эрежелерди бузууда айыптуу юридикалык же жеке тарапка акча төлөтүү, материалдык таасир этүү чарасы.

**АЙЫП ЭТПЕҢИЗ** Сылыктык, кичи пейилдик иретинде бирөөдон кечирим суроо, өтүнүү маанисинде колдонулат. *Айып этпеңиз, Омор аке, азыр сабак учуру* (Сыдыкбеков). **В.: Айып көрбөңүз.** *Ак сакал ырдап жатат деп, Айып көрбө келиндер* (Токтогул).

**АЙЫПКЕР** Айыптуу, күнөөлүү, кылмыштуу. *Эгер бий каарына алып койсо, айыпкер адамдын жеке өз башы эмес, анын бүт уруусу айыпкер* (Сыдыкбеков). *Аш берген киши айыпкер, балам! Калк жыйган киши күнөөкөр балам!* («Манас»).

**АЙЫПКЕРДИК** Айыптуулук, кылмыш кылгандык, күнөөлүүлүк. *Айыпкердигин мойнуна алуу.*

**АЙЫПСЫЗ** 1. Айыбы жок, кылмышсыз, күнөөсүз, жазыгы жок. *Айыпсыз кармап, сот кылып, Айдаганда кербезим* (Токтогул). 2. Кемчилиги жок, бардык жагынан келишкен, ката кетирбеген. *Айыпсыз адам болбойт* (макал).

**АЙЫПСЫЗДЫК** Айыбы жоктук, кылмышы жоктук, жазыксыздык, күнөөсүздүк. *Баланын айыпсыздыгын аныктоочу далилдер барбы?* («Ала-Тоо»).

**АЙЫПТА** Айып коюу (кимдир бирөөгө), айыптуу экенин көрсөтүү, кылмыштуу, күнөөлүү деп эсептөө, айыпка жыгуу. *Менин жоктугум үчүн башка бирөөнү айыптабагыла* («Ала-Тоо»). *Күндө жейсиң айыптап, Бүтүн журттун баарысын* (Токтогул).

**АЙЫПТАЛ айыпта** этишинин туюк мамилеси. *Айыпталарын билген соң, амалсыздан качуунун аракетин кылган экен* («Чалкан»).

**АЙЫПТАЛУУЧУ** Айыпка тартылуучу, айыпкер, күнөөкөр.

**АЙЫПТАТ *айыпта*** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЙЫПТОО *айыпта*** этишинин кыймыл атоочу. *Мени айыптоого сиздин кандай акыңыз бар?* («Чалкан»).

**АЙЫПТООЧУ** 1. Бирөөнү күнөөлөп, айыпка жыгуучу; айыптай турган киши. 2. Соттолуп жаткан кишини сот органдарынын алдында күнөөлөп, айып коюу милдетин аткарган адам. *Мамлекеттик айыптоочу. Коомдук айыптоочу.*

**АЙЫПТУУ** 1. Айыбы бар, айыпкер, айыпка тартылган, кылмышкер, *Жаш прокурор жай козголуп турду да, мегежиндей айыптууга карады* (Токомбаев). 2. Кемчилик кетирип, каталык жиберген, кандайдыр бир ишке жооптуулугу бар. *Бул үчүн баарыбыз айыптуубуз* (Сыдыкбеков). *Иштин токтолуп калышына көбүнчө жумушчулар өзүбүз айыптуубуз* (Сасыкбаев).

**АЙЫПТУУЛУК** Айыпкерлик, кылмыштуулук, күнөөлүүлүк.

**АЙЫР (айры)** 1. Айрык кылып жыртуу, жыртып алуу (мис., кездемени, кагазды ж.б.) *Айырып, жыртып бир канча Дептерин да бүлдүрдү* (Тоголок Молдо). *Тамтыгын койбой айырган, Дамбалы менен чалбарын* (Токтогул). 2. Денеге айрык түшүрүү, жаралатуу. *Башын айрып, көзүн чыгара чапкысы келген экен да!* («Ала-Тоо»). 3. Бирге болтурбай бөлүп салуу, ажыратуу же тытып жок кылуу. *Өксүтүп мени боздотуп Өз теңимен айырган* (Үсөнбаев). *Атадан жалгыз Кайырды Алда ким бизден айырды* (Токомбаев). 4. Колдо болгонунан, мал-мүлкүнөн ж.б. ажыратып салуу; мал-мүлк, дүнүйөсүн алып коюу. *Жокчулуктун дарты өттү, Жалгыз үйдан айырып Жалдыратып жөнөттү* (Калык). *Туяктан мени айырып, Көрчү кандай кылышын* (Токтогул). 5. Куткаруу, ажыратып аман калтыруу. *Аман айырып Айдарды Ажалдан сактап калганы* («Манас»). *Карган чалдан айырып, Кала көр кыздын сообуна* (Осмонкул). 6. Бир нерсенин жөнүн, айырмасын ажырата таануу, айырмалай билүү. *Жакшы менен жамандын жөнүн айырып, алды-артына карап жүрүүгө үйрөнүп калган жигит экенсиң* («Ала-Тоо»).

*Ким душман, ким дос – айыра таанып жүр* (Сыдыкбеков).

**АЙЫРБАШ** Бир нерсени экинчи бир нерсе менен алмаштыргандык. *Калың калмак чогулуп, Капкасына салбайбы. Нескара менен Бакайды Айырбашка албайбы* («Манас»).

**АЙЫРБАШТА** Бир нерсени экинчи нерсеге алмаштыруу, башма-баш алмаштыруу, айырбаш кылуу. *Эзелден соода-сатык менен иши жок көчмөн журт керек болсо атын, бээсин башма-баш айырбаштап жүрө беришкен* (Сыдыкбеков).

**АЙЫРБАШТАЛ айырбашта** этишинин туюк мамилеси. *Айырбашталган мал.*

**АЙЫРБАШТАТ айырбашта** этишинин аркылуу мамилеси. *Бирөө аркылуу айырбаштатып ал.*

**АЙЫРБАШТОО айырбашта** этишинин кыймыл атоочу. *Мал айырбаштоо.*

**АЙЫРМА** 1. Биринен экинчисин ажыратып, айырып кароого мүмкүн болгон өзгөчөлүк, өзгөчөлөй турган сапат же башка белги. *Салыштырсаң эки доордун арасын Айырмасы асман, жерден кем эмес* (Токомбаев). *Ашыр карагер быштымы менен шахтадагы аттардын айырмасын көз алдына келтирип ойлонду* (Сасыкбаев). *Акын менен булбулда айырма жок, Ийилбегин, коноюн, чыксын үнүм* (Үмөталиев). *Колхоздогу клубдун чоң шаардын театрынан айырмасы жок* (Сыдыкбеков). *Адам менен айбандын Айырмасы сөзүндө* (Шүкүрбеков). 2. Саны, көлөмү ж.б. жагынан алып караганда, бири-бирине барабар келбей тургандыгын көрсөтүүчү белги. *Экөөбүздүн жашыбызда айырма жок экен, боюбузда гана айырма бар* («Ала-Тоо»). *Жолдун кайсынысы жакын, кайсынысы алыс, айырмасын айтыш кыйын* («Советтик Кыргызстан»). *Бардык короодогу койлордун саны бирдей эле болуш керек, айырмасы жок* («Ала-Тоо»). 3. *мат.* Чоң сандан кичине санды алуудан келип чыккан калдык. *Жыйырмадан он экини алсак, айырмасы сегиз болот.*

**АЙЫРМАЛА** Кандайдыр бир өзгөчөлүгү, белгиси боюнча айырмасы бар экендигин көрсөтүү, айырмасын таап ажыратуу, ажырата таануу. *Дос, душмандын айырмасын биле жүр, мал аласы сыртында, киши аласы ичинде эмеспи, аны айырмалай бил* («Ала-Тоо»). *Жоголгон койлоруңдун өңүн түсүн айырмалап айтып бере аласыңбы? – деп сурап калышты* («Советтик Кыргызстан»).

**АЙЫРМАЛАН айырмала** өздүк мамилеси. *Чоң-кичинелиги, узун-кыскасы жагынан айырмалана турган эчтемеси жок, бардыгы бирдей болгон жыйырмадай таяк бар* («Жаш ленинчи»).

**АЙЫРМАЛОО айырмала** этишинин кыймыл атоочу. *Жаман-жакшыны айырмалоого кудурети келбеген адамга эмне десек болот?* («Чалкан»).

**АЙЫРМАЛУУ** Айырмасы бар, башкалардан айырмаланган кандайдыр бир өзгөчөлүккө ээ. *Мына ушундай эпкиндүүлүк, ак ниеттүүлүк жагынан биздин бригаданын адамдары башкалардан айырмалуу болуп жатат* («Ала-Тоо»).

**АЙЫРМАСЫЗ** Айырмасы жок, өзгөчөлүгү жок, бирдей. *Түсү айырмасыз. Биринен бири айырмасыз, окшош нерселер.*

**АЙЫРМАЧ** 1. Алдындагы жана арт жагындагы тик жыгачтарын кайчылаштырып, жүк артууга жана жаш балага ылайыктап жасалган ээрдин түрү. Мындай ээрге көчкөндө балдарды мингизет. *Басмайыл, кошмок, айырмач, Баланын башы байкалды.* («Эл адабияты»). *Айырмач токуп, тай мингизген ата бар* (Сыдыкбеков). *Айырмач токуп малга артып, Кайра көчтү эл шашып* (Үсөнбаев). 2. Бакандын эт ж.б. илине турган илгич ачалары. 3. Тамдын, сарайдын чатырынын кайчылаштырып орнотулган, үстүнө рейкаларды кагып, шифер же башка материалдарды калкалап жаба турган жыгачтары.

**АЙЫРМАЧТА** Айырмач кылып коюу, жыгачты кайчылаштырып, айырмач формасына келтирүү. *Айырмачтап коюлган жыгачтар.*

**АЙЫРМАЧТУУ** Айырмачы бар, айырмач токулган. *Короонун тегерегинде калмакча байланыштырылган аттар, айырмачтуу тайлар* (Жантөшев).

**АЙЫРМАЧЫЛЫК** Айырмасы бар экендик; бирдей, окшош болбогондук; башкалардан айырмаланып, өзгөчөлөнүп турган көрүнүш, абал. *Айрым бир айырмачылыгын эске албаганда, кийинки макалалардан да ушул эле касиеттерди көрөбүз* (Борбугулов). *Улуттук айырмачылык.*

**АЙЫРТ айыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Кездеме айырт. Жоолук айырт.*

**АЙЫРУУ айыр** этишинин кыймыл атоочу. *Кездеме айыруу. Жоолук айыруу.*

**АЙЫРЫП АЛГЫС** Абдан окшош, куюп койгондой окшоштугу бар. *Экөө тең эгиз болсун айырып алгыс* (Шимеев).

**АЙЫШ** Бузуктук аралашкан тамаша.

**АЙЭЭЙ** *диал.* Таң калууну туюндурат. *Айээй, мунуңда көп кеп бар го, жеңе.*

**АК I** 1. Кардын, сүттүн түсүндөй түс, агарган түс. *Ак кагаз. Ак көйнөк. Кызыл гүлдүү ак чыт.* 2. Таза, көңүлүндө кири жок, арамзалыгы жок, оюнда жамандыгы жок; арамдыгы жок, ниети түз. *Ак эмгек. Пейли ак. Ак көңүл. Арам деп аны кордобо, Абыке сага ак экен* («Семетей»). *Колдоп келет таза болсоң, ак болсоң, Айтматовдун касиеттүү арбагы* (Акматалиев). 3. Күнөөсүз, жазыксыз. *Айланган тоонун бүркүтү Ак жерден торго чалындым* (Токтогул).

4. *тар.* Контрреволюциячыл, Совет бийлигине каршы аракет кылуучу же Совет бийлигине каршы багытталган. *Актар. Ак гвардиячы.* 5. Шахмат, дойбу оюндарында кара түстөгү фигуралардын каршысында ойнолуучу фигуралар. *Актар менен ойноо. Ак король.* 6. Айран-сүттүн жалпы аты. *Жаз чыгып, ак көбөйдү. Мал көккө тоюнуп, эл акка тоюнуп калган кез.* 7. Көздүн карегинин айланасындагы агарган жери. *Көздүн агы.* 8. Көздүн карасына, карегине пайда болгон оору, көздүн карегин каптап калган чел. *Көзүн ак басты. Көзүнө ак түштү.*

**АК II** 1. Чындык, жалгандыгы жок, акыйкат. *Ак сөз. Өмүр жалган өлүм ак. Ачык айтып, ак сүйлө.* 2. Дубаналар тарабынан айтылуучу сөз. *Аңгычакты бир үйдүн алдында «ак!» деп токтоду* («Мендирман»). 3. Кудай маанисинде. *Дарыгерди жөнөтүп, Тапшырды акка аманат* («Эл адабияты»). *Ажалым жетсе өлөрмүн, Ак жазганын көрөрмүн* («Семетей»). *Ажал жетсе өлөйүн, Ак салганын көрөйүн* («Семетей»). *Кудайдын бир аты – ак* (макал).

**АК III** 1. Суюктуктун (суу, сүт ж.б.) табигый түрдө ылдый карай куюлган, жылган абалы; өзөн, арык, нук боюнча бир багытка бет алып жылуу (сууга карата). *Жанында жайнап аккан Түптүн суусу* (Маликов). *Ийрилип аккан чоң өзөн Ийнеде учук жипке окшойт* (Бөкөнбаев). 2. Суу, суюктук, тер ж.б. сызылып көп чыгып, куюлуп, шорголоп, жылжыгандыгы. *Тер агат. Кан агат. Чакадан суу агат.* 3. *өт.* Жабылып, үзгүлтүксүз чубап жүрүү, өтүү. *Көчө толо машиналар тынымсыз агып барат.*

**АК АБАЙЫ** Кымбат баалуу кездеменин түрү. *Ак кагаз тумар тактырган, Ак абайы жаптырган.* («Эл адабияты»).

**АК АЛТЫН** Пахта. *Машина буркан-шаркан жатпай тынып, Арбытат ак алтынды тоо-тоо кылып* (Абдыраманов).

**АК АЛЫП ЧЫГУУ** Алыстан келе жаткан меймандарды ак толтурулган (кымыз, айран, чалап ж.б.) аяк-чыны кармап, ошол жүргүнчүлөрдүн алдын тосо чыгуу.

**АК АСАБА** Туунун ак түстүү сабы. *Ак асаба кызыл туу, Айгайлаган ызы-чуу. Көк асаба кызыл туу* («Манас» С.О.).

**АК БАЙЫР** Куш. *Калың бадалдан учуп чыккан Ак Байыр түн койнунда мемиреп жаткан адырлардын үстүндө чабыттап жүрдү* (Субанбеков).

**АК БАЛЕК** *а.ч.* Өсүмдүк илдети.

**АК БАЛТЫР** *диал.* Сөңгөгү агыш келген өсүмдүк.

**АК БАРПЫ** *диал.* Уулуу келип мал жебей турган өсүмдүк.

**АК БАТА, КЫЗЫЛ КАН** Биргелешип макулдашылган убада, айтышкан шерт. *Сизди ак бата, кызыл канга коёбуз. Айтышкан ак бата, кызыл кан үчүн Асантай тараптын макул болбоско аргасы жок, баатыр* (Сыдыкбеков).

**АК БАШ** Жылкынын бутуна чыгуучу жара. *Акмандын жээрде кашкасынын туягын жарып, баржайып акбаш чыкты* (Сыдыкбеков).

**АК БЕЗЕРГЕН** Чыныгы соодагер. Илгери кыргыз арасына келген соодагерлер: «биз ак безерген» болобуз деп, кездемесин саткан. Кыргыздар «ак безерген» дегенди «ак эмгек менен тапкан малым» деп түшүнүп калган.

**АК БОЗ** Агыш боз өң. *Аскер башы жер түтөгөн чуунун ичинде булуттай ак боз аргымакты кылактатып, кылычын булгалап* (Касымбеков).

**АК БОЛОТ МИЗИН ЖАЛАШУУ** Катуу убадалашуу, антташуу, шерттешүү. *Ак болот мизин жалаштым, Намысын бирге талаштым* («Манас»).

**АК БӨКӨН** Эчки сымаал, өтө чыйраак, чөлгө туруктуу, эти даамдуу, мүйүзү, туягы, териси баалуу жаныбар.

**АК БЫШТАН** Ээрге салган көрпөчөнү бастырып коюучу тасма. *Аюу талпак, ак быштан* («Семетей» С.К.).

**АК ДА, КӨК ДА ДЕБӨӨ** Эч сөз айтпоо, эч нерсе дебөө, унчукпоо. *Баласы өлгөн Эдиге жак тынч: ак да дебейт, көк да дебейт* (Осмоналиев).

**АК ЖААН** Майдалап узакка жааган жамгыр. *Шамал басылып күн ак жаанга айланды* (Жантөшев). *Ак жаан сөөгүнөн өтүп, кийими сыгып алма болду* (Байтемиров). *Түн бою дыбыратып турган ак жаан таң менен кошо басылды* (Эсенканов).

**АК ЖАЗГАНЫН КӨРҮҮ** Башка кандай оордук түшсө да көтөрүү, башка келгенди көрүү. *Ажал жетсе өлөрмүн, Ак жазганын көрөрмүн. Айчүрөктү бергенге Өлүмдөн кийин көнөрмүн* («Семетей»).

**АК ЖАЙ** Жайдын толук кези. *Ак жайдын күнү үшүп сага эмне болду* (Байтемиров).

**АК ЖАЛГАСЫН** Кокусунан кийимге же жерге айран, сүт, кымыз төгүлүп кеткен учурда кесир болбосун деген мааниде жакшылыкка жоруу ниетинде айтылат.

**АК ЖАРГАККА ЖАЗГАН КАТ** Кагаз чыкканга чейин байыркы элдер жазуу үчүн ар түрдүү материалдарды пайдаланышкан. Кыргыздар да өз жазууларын таш бетине чегүү менен бирге (Орхон-Енесай руна жазууларындай) күндөлүк турмушта ак жаргакты колдонушкан Мындан башка да жыгачка, ак кийизге жазышканы айрым маалыматтардан белгилүү.

**АК ЖЕМ** Таптоодогу алгыр куштарды семиртпей тап этинде кармоо үчүн сууга салып, канын кетирип, ак шапак кылып берилүүчү эт.

**АК ЖЕРДЕН** Эч кандай күнөөсүз, кыл-

мышы жок, жалган жерден. *Ал балким чын эле ак жерден күйгөндүр, ким билет* («Ала-Тоо»). *Мени ак жерден өлтүрсөң, өлтүр.*

**АК ЖОЛ** 1. Акыйкатты, адилетти багыттаган туура жол. 2. Жакшылык, кайрымдуулук тилеген, мурунтан келе жаткан салт. 3. Эч тоскоолу жок, ийгиликтүү сапар жөнүндөгү ой, тилек, каалоо. *Андан уруксат сурап, ак жол сурап турду: – А көрө батаңды бер. Ак батаңды бер, энекебай?!* (Өмүрбаев).

**АК ЖОЛДОН АДАШТЫРУУ** Азгыруу, тескери жакка буруу. *Ак жолдон адаштырган андан да өкүнүчтүү* (Бердикеев).

**АК ЖОЛТОЙ** Жолдуу, жолу жакшы, кандайдыр бир кубанычтуу кабар алып келүүчү, жакшы жышаналуу. *Өнөрлүү жигит, ак жолтой болгуң бардыр* (Бейшеналиев). *Сен ак жолтой жигит көрүнөсүң* («Ала-Тоо»). *Ак жолтой экен, жаныбарым, акжолтой!* (Жигитов).

**АК ЖОЛУ АЧЫЛУУ** 1. Сапары ийгиликтүү болуу, жолу шыдыр болуу. *Ак жолуң ачылып, аман-эсен жет* (Ашымбаев). *Ак жолуң ачылып, аман-эсен жетсең болду* («Ленинчил жаш»). 2. Көздөгөн максатына жетүү, иши оңолуу. *Бул бечаранын ак жолу ачылып, иши оңоло баштаган экен* (Сасыкбаев). *Ак жолум ачылса, чоң шаарда окуп калам* (Сыдыкбеков).

**АК ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН** Ишиң оңолсун, сапарың ийгиликтүү болсун, көздөгөн максатыңа жеткин деген сыяктуу алкоо, ак тилегин билдирүү, бата берүү маанисинде айтылат. *Ак жолуң ачылсын! Сапарың байсалдуу болсун, Курман Карасартов* (Бейшеналиев). **В.: Жолуң ачылсын!** *Жолуң ачылсын, чырагым! – деп чал бата берди* («Чалкан»),

**АК ЖООЛУГУҢ БАШЫҢДАН ТҮШПӨСҮН** «Абийирдүү, ырыс-кешиктүү бол», «алганың менен тең кары» деген мааниде келиндерге берилүүчү бата, алкоо. – *Кем болбо, балам! Ак жоолугуң башыңан түшпөй, бактылуу бол! – дешип, катындар чуулдап алкашты* (Жантөшев). **В.: Ак элечегиң башыңдан түшпөсүн.** *Ак элечегиң башыңан түшпөсүн, балам, өмүрлүү бол!* («Ала-Тоо»).

**АК ЖООЛУК** Аял, зайып. *Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук* (макал). *...Ак жоолук аттуунун көбү ушул менин акеме моймолжуп кылгыра караганын көп байкар элем* (Сыдыкбеков). **В.: Ак элечек.** *Тирүү жанга оокат өткүдөй эмес, үйгө ак элечек кийирдим* (Бейшеналиев).

**АК ЖООЛУК ДЕЛБИР** Байыркы замандан бери эле кыргыз элинин жакшы аялга берген мүнөздөмөсү.

**АК ЖӨКӨР МЫЛТЫК** Эски мылтыктын аты.

**АК ЖҮРӨК** Чынчыл, бирөөгө кара санабаган, жамандык оюу жок, адилет, ак ниет. *Ак иштеген, ак жүрөк, Ачык көңүл шат жүрөт* (Осмонов). *Сен ошондо ак жүрөк болумуш болуп кетип калдың* (Абдукаимов). *Ким жакшы, ким жаман, ким ак жүрөк, ким алдамчы экенин ал эми гана билди* (Баялинов).

**АК ЖУУМАЛ** Куба, кубакай, ак куба, агыш тарткан, акчыл. *Керилген мурут, ак жуумал, Келбети көркөм эр экен* (Бөкөнбаев). *Азим орто бойлуу келген, ак жуумал, жылдызы жарык аял экен (*«Ала-Тоо»). *Тизе тийиштирип отурган – ак жуумал Зарыл* (Сыдыкбеков).

**АК ЖУУРКАН** *диал.* Өңү көңүлтүр, жалбырактары кичирээк сүйрү, топ майда ак гүлдүү өсүмдүк.

**АК КАДЕК** Жука ак жибек.

**АК КАЛПАК** Жука ак кийизден төрт талаа кылып бычылып тигилчү, эркектер кийчү улуттук баш кийим.

**АК КАНДУУЛУК** Ак шариктеринин көбөйүшүнөн болгон кандын оорусу.

**АК КАҢКЫ** Алдыңкы кашы жазы ээрдин түрү, ат жабдыгы. *Анжыяндын ак каңкы, Аттарына токулуп* («Эл адабияты»). *Ак каңкыны жазданып.* («Манас» С.К.).

**АК КАПТАЛ** 1. Дасыккан, көптү көргөн, башы бышкан. *Ал мындайдын далайын көргөн ак каптал.* 2. Жеткен тапан, жалкоо, кыйык. *Кээ адам «ак каптал» деп атак алган, бир ишке жумшай салып жата калган* (Тоголок Молдо). *Жүйөөлөшө келсе, бир көрүшкөндө эле ак каптал Төлөгөн экөөнүн көңүлдөрү жараша калат* («Советтик Кыргызстан»).

**АК-КАРАНЫ АЖЫРАТУУ** 1. Жаман-жакшыны ажырата билүү, бир нерсенин тууралыгына көзү жетүү, түшүнүү. *Жылдызкан ак-караны ажыратууга умтулат* (Байтемиров). **В.: Ак-караны айруу.** *Ак-караны айырган көзү ачык киши туш тарабын кеңири баамдайт* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Ак-караны таануу.** *Социал-демократ партиясы доклад, лекциялар уюштура калганда, ага да барып жүр, көзүң ачылат, ак-караны тааныган адамдар бар* (Баялинов). 2. Анча-мынча окуганды, жазганды билүү, бир аз кат таануу. *Эптеп ак-караны ажыратып, кат таанысак көзүбүз ачылат* («Ала-Тоо»).

**АК КЕКИЛИК** Түндүктө жашоочу агыш түстөгү кекилик.

**АК КЕЛДЕ** Тууралган эттин үстүнө кесилген чучук.

**АК КЕЛТЕ** *эск.* Керемети бар согуштук курал (эпостордо). *Манастын негизги куралдарынын бири катары ак келтеде да магиялык касиеттер бар* («Манас» энциклопедиясы»).

**АК КЕЛТЕНИН ЧОГУ УРСУН** Кыргыздардын жоокердик курал-жарактын астында антташуусу байыртан келе жаткан салттардын бири. *Ак милтенин чогу урсун* («Манас», С.О.).

**АК КИЙИЗГЕ САЛУУ** Түрк-монгол элдеринде кан көтөрүүнүн атайын расмиси. Уруу аксакалдары, бийлөөчүлөрү кан көтөрүлүүчү адамга ак пейилден (ак пейилдин символу катары ак кийизди пайдаланышкан) баш ийишерин, колдоо көрсөтүшөрүн элге атайы жарыя кылуу белгисинде аны ак кийизге салып, өздөрүнөн жогору көтөрүшүп элди жети айланып чыгышы. *Кан көтөрүп алган соң, Ак кийизге салган соң, Атайы журтка билгизип*

**АК КИЙИК** *аңч.* Ага аркар, кулжа жана куран элик кирет.

**АК КОЙДОН АҢКОО, БОЗ КОЙДОН МОМУН** Билсе да билмексен, момун сыяктанган көрүнүштө болуу, өзүн эч нерсени билбеген, эчтекеге катышпаган жоош, момун же өзүн ошол сыяктантып көрсөтүүгө аракет кылган куу, митаам. *Асан бизге ак койдон аңкоо, боз койдон момун болуп көрүнгөн эле* («Кыргызстан маданияты»). *Жылдырмасын жылдырып коёт да, ак койдон аңкоо, боз койдон момун болуп жүрө берет* («Чалкан»).

**АК КОЛ** Оор ишке кол тийгизбеген, кара жумуш кылып көнбөгөн, андай иштен кача турган жалкоо, жан бакты. *Алар ак кол болуп жаман үйрөнүп кетишти* (Сыдыкбеков). *Ак кол болуп үйрөнбөсүн деп акырындык менен өздөрүн-өздөрү тейлөөгө өткөрдүк* («Ала-Тоо»). *Ак кол менен жумушчу кол учурашты, бирин-бири кыса кармашты* (Борбугулов).

**АК КОЛТУК** Тогуз коргоол тактасынын сол жагындагы үчүнчү чанагы.

**АК КӨҢҮЛ** Көңүлүндө кири жок, арамдыгы жок, кишинин көңүлүн калтырбаган, оюна кек албаган, кекчил эмес. *Зайыбы үй тиричилигине тың, эскини эптеген, жаңыга жалгаган, ак көңүл аял эле* (Борбиев). *Жердиги ак көңүл Өмүрзак бий инисинин эркелеткенине эрий жайкаңдады* (Бейшеналиев).

**АК КӨҢҮЛДҮН АТЫ АРЫБАЙТ** Эмнеге жумшаса кете берген, эмне сураса бере берген, адамдын көңүлүн оорутпаган адам деген мааниде. *Ак көңүл байкуш экени бир көргөн адамга көрүнүп турган бечара. Мындайларды «Ак көңүлдүн аты арыбайт, аты арыса да өзү жарыбайт» деп коёт эмеспи* (Айтматов).

**АК КӨРПӨ ЖАЙЫЛ** 1. Пейил-ниети таза, маанайы жарык, келим-кетимдүү, билерман аял заты. *Ак көрпө жайыл ургаачы, Аты элге дайын сындачы* («Манас»). *Демейде коңшуга чык татырбас Букендин мынчалык ак көрпө жайыл болушун Зууракан: «Ак байбиче дагы түш көргөн го, кудай?» – деп, алдыртан таңданып койду* (Сыдыкбеков).

**АК КҮБӨ** 1. Нерсенин түсү. 2. *өт.* Баатырлардын ок өтпөс (ыйык, касиеттүү) тыш кийими. *Ак күбө тонду кийинип* («Манас» С.О.).

**АК КУНАС** Кунастар уруусундагы куш.

**АК КҮП** 1. Кызылча, чечек ж.б. оорулар менен ооруган адамдын жарасы айыгып, кара какачы түшүп, анын астындагы кургаган теринин күбүлүп турган кези. *Кара тумоо чыгып айыгып, ак күп болуп калыптыр.* 2. Териси чыңалып ак шишик алган көрүнүш. *Ак күп болуп шишип кетиптир.* 3. Балапандын денесиндеги үрпөйүп калың чыккан майда назик түк. *Ак күп болгон балапаны чыйпылдап, энесинин оозунан жем талашат* («Советтик Кыргызстан»).

**АК КУУ I** Узун моюндуу, ак өңдүү өтө сымбаттуу куш.

**АК КУУ II** *астр.* Асман мейкиндигинин жарымында байкалган «Куш жол» жарык жылдыз.

**АК КУШ** *аңч.* Алгыр куштардын өңүнө карата бөлүнүшү, буга туйгун, тунжур, тынар, кээде кыргый да кошулат.

**АК КЫЛУУ** Балага тескери бата берүү, балалыктан кечүү. *Ак кылдым, жогол! Бетиң карайсын, ата безери, бетиңди карабаймын, жогол көзүмө көрүнбөй!* (Касымбеков). *Кечтим сенин балалыгыңдан! Ак кылдым! Ак кылдым! Жогол!* (Касымбеков).

**АК МАГНЕЗИЯ** Магнийдин негизги карбонаты. Сепме дары катарында териге сыйпап, ичүүчү дары катарында зарнада, кээде ичти алдыруу үчүн колдонулат.

**АК МОКОО** Бир нерсени орундата албай, же бирөөлөрдү тил алдыра албай, айта берип абдан тажоо. *Мен бара берип, ак мокодум. Ак мокоп айласы түгөнгөн Найманбай ыйлачудай болуп кейип кетти* (Сыдыкбеков).

**АК МЭЭР** Эне сүтү. *Апанын ак мээрин, энелик мээримин актоо керектигин ойлоп, «Атаңдын осуяты ушундай» деген апасынын сөзүн кыялбай көксөөсүнөн баш тартты* (Абакиров).

**АК НИЕТ** Ак жүрөк, арамдыгы жок адам.

**АК НИКЕ** Шарыят жолу менен алган аял. *Ак никелеп өзүмө Катын алып бербедиң* («Манас»).

**АК ОЛПОК** Найза, айбалта жана жебелерден сактаныш үчүн кийиз менен кайыштарды бир нече кабаттап, арасына темир, болоттун өгөндүсүн ширетип, шырып тигилген жоокер кийим. *Жалаңкычтай эр Манас, Шашып-бушуп көк жалың Ак олпок тонду кийди эле* («Манас»). *Манас кандын Ак олпок* («Семетей» С.К.).

**АК ӨПКӨ БОЛУУ** Абдан катуу күйүгүп, зоругуп, чарчаган абалда болуу. *Чулук тагып мурдуна Ак өпкө болуп куруду* (Ток-

тогул). **В.: Ак өпкө кылуу.** *Арзандын шорпосу татыбайт болуп, көрүнгөнү жоргосуна кызыгып чапкылап, күйүктүрүп ак өпкө кылды бекен* (Касымбеков).

**АК ӨПКӨ** Жөткүртүп, жөтөлтө берүүчү мал оорусунун аты.

**АК ПАДЫША** *тар.* Кыргыздар Россияга кошулгандан кийинки мезгилдеги орус падышаларынын жергиликтүү эл тарабынан аталышы. *Герман менен ак падыша урушуп жатат имиш* (Абдукаримов). *Азат болор бекенбиз, Ак падыша болуп жок?* (Токтогул).

**АК ПЕЙИЛ** Тилеги оң, ниети адал адам.

**АК САКАЛ** 1. Сакалы агарган, аппак сакалдуу. *Жашы жетимиштерден ашып калган чарчы бойлуу, сары чийкил, ак сакал одам.* (Жантөшев). 2. **Аксакал** менен бирдей. *Аксакал ырдап жатат деп Айып көрбө келиндер* (Токтогул).

**АК САНОО** Бирөөгө жакшылык ойлоо, жакшы ойдо, ак ниетте болуу.

**АК САРЫ БАШЫЛ** *туурасы:* **аксарбашыл.** *Ак сары башыл кой чалды* («Манас», С.О.). *Эки жыл ооруп айыкты, Жалгыз эркек балабыз, Ак сары башыл айтканын, Азыр барып чалабыз* (фольк.). *Берекетти аракет менен таба турган дыйкан эле, кыбыланы карап, кудай жолуна ак сары башыл атап союшуп, кудайдан ырайым тилешип, шак кыркып басып кириши* (Касымбеков).

**АК СЕРКЕ** Айран же кымыз катыкталган шорпо, суусун. *Суусунуна ак серке менен кара дөң жутуп жатышты* («Чалкан»). *Бүгүн бир аксерке сапырып, бешбармак жейли да, кырк жылкы айдайлы* (Турсунов).

**АК СОКТО** Сулуу сымак тоо чөбү.

**АК СӨЗ** Чындык, чындык кеп, жалган эмес, туура. *Аныңыз ак сөз, а бирок малмал деп жүрүп, көп нерсени билбеппиз* (Тойбаев). *Ак сөз, бүгүн биз да жылуу сөздү чачыладай чачсакпы дейбиз* («Кыргызстан маданияты»). – *Ак сөз, – деди Нусупбек жагалданып, чырпыктынын жигити табына келген шумкардай өткүр болуш керек* (Сыдыгалиев).

**АК СӨӨК** 1. Коомдун үстөмдүк кылуучу табынын өкүлү, теги, ата-бабасы жогорку таптын өкүлү, тукуму, бийлөөчү төбөлдөр, карапайым эмес, аристократ. *Падыша залим баш болуп, Бардык ак сөөк жоголсо* (Токтогул). *Гавриловдун ата-энеси да ак сөөктүн тукумунан* (Сасыкбаев). *Ак сөөктөр аябай жан талашты* (Бектенов). 2. Ата-бабасы тектүү киши. *Ошолордун тукумдары, ошол ак сөөк, тектүүлөрдүн жээн-таякелери* (Осмоналиев). *Ал дамбылдага алакалаш ар улуттун ак сөөктөрүн көрбөдү беле* (Бейшеналиев). 3. Өтө назик, абдан сыпайы, сөөгү таза. *Чынынын сыныгындай болгон ак сөөк кыз экен.*

**АК СҮЙЛӨӨ** Чындыкты айтуу, калп айтпоо, болгонду болгондой баяндоо. – *Кагылайын, ачык айтып, ак сүйлөчү, абалы кандай, киши болчудайбы?* (Бердикеев).

**АК СҮТҮН АКТОО** Энеси ыраазы болгондой кызмат өтөө. *Апаке, ак сүтүңдү бир кездерде актар мезгил да келер* (Бектенов).

**АК СҮТҮН КЕЧҮҮ** Бул сөз көбүнчө көз жумаарында эненин балдарына берген ыраазылыгы ирээтинде айтылат. Кээде баласы көз жумаарда же көз жумгандан кийин да эне ушул сөздү айтат. *Ак сүтүңдү кечкеймин, ботом, Тилегиңе жеткейсиң, ботом* (Тоголок Молдо), *Арманыңды чеч, эне, Ак сүтүңдү кеч, эне* (Токтогул). *Алтын апа, кор кызыңдан Ак сүтүңдү кече көр* (Токомбаев). **В.: Сүтүн кечүү.** *Сүтүмдөн кечтим, балам, – деп эне уулунун маңдайынан сылады* («Ала-Тоо»). **Эне сүтүн кечүү.** *Эне сүтүңдөн кеч, апа* («Ала-Тоо»).

**АК СҮТҮНӨ КОЮУ** *этн.* Балалыктан кечем, балам деп эсептебейм деген мааниде баласына нараазычылыгын билдирүү. *Жаркын байбиче уулуна каарын салып, ак сүтүнө коюп туруп айтты* (Сыдыкбеков).

**АК ТАМАК** Аял затынын назиктигин, сулуулугун, сыпаттоонун бир түрү. **В.: Ай-тамак.**

**АК ТАҢДАЙ** Ашкан акын, мыкты ырчы, чечен, сөзмөр. *Ак таңдай акын Токомдон Армандуу далай сыр өттү* (Нуркамал). *Ак таңдай калды сайраган Акындар калды каламдаш* (Маликов), *Арийне, кексе Айылчы ак таңдай ырчы, жез тырмак комузчу* (Бейшеналиев). *Ак таңдай жандын чечени Ардактап сүйгөн өз эли* (Сарногоев). **В.: Жез таңдай.** *Алтын жаак, жез таңдай Ардагым Током аманбы?* (Эшмамбет). *Жез таңдай акыным, жол болсун!* («Чалкан»).

**АК ТАЯК** *тар.* Кандардын, бектердин эшик сакчысы, эшик кайтаруучу жасоол. *Айылыңдан тандап ак таяк, Чабар алат* («Эл адабияты»). *Эшиктеги ак таяк, Эсеттердин бөкөсү* («Манас»). *Эшиктеги ак таяк, Эшик ачып ийиптир* («Манас» С.О.).

**АК ТЕРЕК-КӨК ТЕРЕК** *этн.* Балдардын оюну, чогулган балдар, кыздар эки тарапка бөлүнүп, маңдай тескей эки бөлөк тизилип ойношот.

**АК ТӨӨНҮН КАРДЫ ЖАРЫЛГАН** Токчулук болуп, берекеси ашып-ташып, жайнап турган, бышыкчылык, кененчилик болгон. *Ак төөнүн карды жарылган тоюңар күнү эгин сурап келип отурам* (Жантөшев), *Кой үстүнө торгой жумурткалап, ак төөнүн карды жарылган заман ушул* (Бөкөнбаев). *Ак төөнүн карды жарылып, күз болуп турган кезинде Жалал-Абаддагы Кара-Алма деген токойдун көркү бир шумдуктай болот* (Байтемиров). *Жыпар ак төөнүн карды жарылган кезде төрөдү* (Каимов).

**АК УРУУ** 1. Кудайга жалынуу, зикир

чалуу. *Ак урушуп курсулдөп, Мечиттин ичи дүбүрөп* (Токтогул). 2. Тиленүү, кайыр суроо, ак! деп кыйкырып, чарк көпөлөк айлануу. *Арка чачың кундуздай, Ак ургуздуң сиз бизди ай!* (Эл ырлары). *Өзү ак уруп жүрүптүр. Ыса кургур жан айласы үчүн кайырчылык кылып, ар айылды кыдырып, ак уруп дубанага айланат* (Бейшеналиев). *Ак уруп тыйын чогулткан дубанадан кем эмес* (Бердикеев).

**АК УУЛ** *тар.* Элдик санжырадагы оң канат урууларынын атасы, оозеки генеологиялык билдирүүлөрдө кыргыз элине негиз салуучу уламыштуу Аналхиктын тукумдары.

**АК УЧУК** Эпостордо: баалуу кездеменин бир түрү.

**АК ҮЙ** *энт.* 1. Ак кийиз жабылган үй. 2. Хандар менен султандарга, ак сөөктүү адамдарга арналып тигилген үй.

**АК ҮЙЛҮҮ** *тар.* Каршы тарапта кепилдик үчүн жашап турган кадырлуу адам.

**АК ЧАЛМА** Чополуу ылай же суу аралаш жуурулушкан чопо.

**АК ЧЕЧЕК** Тоодо өсүүчү ыргай сыяктуу жыгач өсүмдүгү. *Ак чечек, жаңгак, ак кайың, четин, Алмалар желге ыргалат секин* (Абдыраманов).

**АК ЧӨЛМӨК** Жаштар түн ичинде ойноочу элдик оюн. *Ак чөлмөк ойноп тең өскөн Жеңем калдың, эсен бол!* (Үмөталиев).

**АК ЧӨП БАШТА** Оюндун эрежесинен, же сүйлөп жаткан сөзүнөн жаңылып кеткен учурда өзүнүн жаңылганын сезе коюп, «жаңылыштык кечиримдүү болсун» деп өтүнүү маанисинде колдонулат. – *Байке, ак чөп башымда, мен сырды сактай албай айтып коюптурмун* (Токомбаев), *Ак чөп башта! Молдо дос, сайрайт* (Бейшеналиев).

**АК ЧҮЧ** 1. Чүчкүргөн кишиге (көбүнчө балдарга карата) соо бол, саламатта бол, жакшылыкка болсун деген каалоо маанисинде айтылат. *Ысак катуу чүчкүрүп жиберди эле, «ак чүч!» деген үн чыкты* (Абдукаримов). *«Ак чүч!» садагасы, дениң соо болсун* («Кыргызстан пионери»). 2. *өт.* Ак кол, эч нерсеге колу тийбеген, иштебеген, жалакай, жанбакты. *Бул ак чүчкө кайдан жолуктук?* («Чалкан»).

**АК ЧҮШТӨ** Ак болотнай деген мааниде. *Бирок уздар ушул аралыкта ийине жеткире ийленген териден көк күбө тон, көк жеке, кандагай, ак чүштөдөн көйнөк, саптудан дамбал тигип бүтүштү* (Субанбеков).

**АК ШАРИЯТ** *дин.* Чыныгы шарият. *Ак шарият пири деп, Алдыңдан салам айтабыз* (Токтогул).

**АК ШИШИК** Бүт денени, бети-башты каптаган туюк шишик. *Жол боюнда ак шишик болуп өлүп жаткан кыргыздар* (Баялинов).

**АК ЫР** *адаб.* Бейуйкаш ыр. Мындай формадагы ырда ыргак сакталат, бирок уйкаштыктын салттуу орду бош калат.

**АК ЭГИН** Буудай, кара буудай, арпа, сулу. *Ак эгин алынган, кара эгин орулуп кургасынга ташталган, аңыз жылтырап сары каймакталып жаткан* (Касымбеков).

**АК ЭЛЕЧЕГИҢ БАШЫҢДАН ТҮШПӨСҮН** *к.* **Ак жоолугуң башыңан түпшөсүн.**

**АК ЭЛЕЧЕК** *к.* **Ак жоолук.**

**АК ЭТКЕНДЕН ТАК ЭТҮҮ** Бирөөгө, же бир нерсеге жетүүгө өтө ынтызар болуу, эңсөө, аябай дегдөө, самоо. *Бир ылайыктуу жерге берип, тындырсам дегенде ак эткенден так этет* (Кушубеков). *Койсун элге аралашсам дегенде ак эткенден так эткен* (Медетов). *Так эле ушул күнү эчен жылдардан бери бала дегенде ак эткенден так этип жүрүшкөн эрди-катын уулдуу болушат, атын Зарлык коюшат* (Борбиев).

**АК ЭТТҮҮ** Тез арыктап кетпеген, этин бир калыпта сактаган, чыдамкай, бышык (жылкыга карата). *Ак эттүү мал.*

**АК ЭШИК (эшик ага)** *тар.* Падыша өкмөтүнүн убагында жергиликтүү улуктун тапшырмасын аткаруучу адам, өзүнчө бир мансаптын аты. *Палийсасы кызыл чок, Ат өлтүрүп бу келди. Андан кийин ак эшик, Айбаттанып а келди* (Тоголок Молдо).

**АКААРАТ** *туурасы:* **акарат.**

**АКАДЕМИЗМ** Илимдеги же окуудагы практикадан, турмуштун таламдарынан алыстатылган жалаң теориялык багыт.

**АКАДЕМИК** Илимдер академиясынын анык мүчөсү.

**АКАДЕМИЯ** 1. Милдети илимди жана искусствону өнүктүрүү болуп саналган мамлекеттик жогорку илимий мекеме. *Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясы. Медицина илимдеринин академиясы. Педагогика илимдеринин академиясы.* 2. Кээ бир жогорку окуу жайларынын аты. *Айыл чарба академиясы. Согуштук-медициналык академиясы.*

**АКАДЕМИЯЛЫК** 1. **академия** дегенге таандык. *Академиялык устав.* 2. Окуу жагына таандык. *Академиялык саат. Академиялык жыл.* 3. Практикалык мааниси жок, жалаң гана теориялык. *Академиялык айтышуу. Академиялык мүнөздөгү маселе.*

**АКАДЕМИЯЛЫК БАСЫЛЫШ** *адаб.* Жазуучулардын чыгармаларынын, алардын ар кандай варианттарынын комментарийлер менен жабдылган толук басылышы.

**АКАДЕМИЯЛЫК СААТ** *пед.* 1. Окуу жайларындагы сабак үчүн бөлүнгөн 45–50 минутага созулган убакыт аралыгы. 2. Окуу саатында окутууга арналган материалдын көлөмү.

**АКАДЕМИЯЛЫК СӨЗДҮК** Белгилүү бир тилдеги сөздөрдү толук камтыган, алардын негизги маанилерин ачуу үчүн цитаталар менен жабдылган кеңири түшүндүрмө

сөздүк.

**АКАДЕМИЯЛЫК ТЕАТР** Үлгүлүү мамлекеттик театрларга берилген ардактуу наам.

**АКАДЕМИЯЛЫК ЭРКИНДИК** *пед.* Жогорку окуу жайларындагы профессорлордун жетекчилигинде өзүн-өзү башкаруу, жүргүзүлгөн окутуу программаларын аныктоо жана ички тартиптер боюнча укуктар. Билим берүү жана илмий-изилдөө жагында инсанга берилген спецификалык укуктардын жана эркиндиктердин топтому.

**АКАК** 1. Үчүнчүлүк доордо өскөн ийне жалбырактуу жыгачтардын ташка айланган, ар кандай түстө кубулган сары түстүү чайыры. 2. Асыл таш. *Жасалган акак таштан бир күмбөз бар, Эң күчтүү, эң сулуу шаар Москвада* (Осмонов). *Кызыл шуру, ак бермет, Акак, каухар аралаш* (Нуркамал). 3. *өт.* Өтө тунук, таза, аппак. *Тиш жасаган акактан* («Манас» С.О.).

**АКАКТА I** 1. Демигүү (ысыктан же катуу чарчагандан), оозду ачып солуктап тез-тез дем алып калган абал. *Иттигин кылып көчкөндөрдү ээрчип кеткен экен, ишке жарагансып, бир кезде акактап кайта келди* (Убукеев). *Тилин салып акактап, Көлөкө жерди качырат* (Тоголок Молдо). 2. Абдан суусоо, чаңкоо. – *Акактап кеттим. Жүргүлөчү, суусун жутуп алалы* (Бейшеналиев). *Суу таба албай акактап, Чөлдө калар бекемин* («Эр Төштүк»).

**АКАКТА II** Акак коюу, акак орнотуу. *Акактап жасалган комуз.*

**АКАКТАЙ** Мөлтүрөгөн тунук, таптаза. *Көк шибердүү колотчонун ортосунан акактай тунук суу агат* (Абдумомунов).

**АКАКТАЛ** ***акакта* II** этишинин туюк мамилеси. *Акакталып коолдолгон сөйкө.*

**АКАКТАТ** ***акакта* I** этишинин аркылуу мамилеси. *Кыштакка жеткиче адамды бир топ акактатып таштайт* (Сыдыкбеков).

**АКАКТОО** ***акакта* I** этишинин кыймыл атоочу. *Катуу чарчаптыр, акактоосу басылбайт.*

**АКАКТУУ** Акак орнотулган, акак менен кооздолгон.

**АКАЛАКТА** Шашкалактап аптыгуу, шар сүйлөй албай аптыгуу. *Сөздөрүн толук айта албай, акалактай баштады* («Советтик Кыргызстан»).

**АКАЛАКТАТ акалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АКАЛАКТОО акалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**АКАЛАКЧЫ** *тар.* Бир район же бир аймактын башчысы. *Акалакчы шаңыя, күңдөлөрдү колго алып жүргөн Зуннахун менен Түлкүбекке орус падышалыгына баруу кыйын дейсиңби?* (Жантөшев).

**АКАЛАСЫ** *диал.* Кур дегенде, эч болбогондо. *Акаласы башка кийип жүргөн калпагыбызды, топубузду алып чыгууга үлгүрбөдүк* (Абдукаримов). *Таптатынакай кызын узатып жатып, акаласы чычкан мурдун канатып койбоптур* (Абдукаримов).

**АКАПЕЛЛА** *муз.* Аспаптын коштоосуз аткарылуучу көп үндүү вокалдык чыгарма.

**АКАР-ЧАКАР** Үйлүү-жайлуу, бала-чакалуу. *Өз тукуму акар-чакар көп айыл болуп өсүшүн көрүү Мырзакандын тилеги* (Сыдыкбеков).

**АКАРАТ** 1. Жек көрүү, жийиркенүү (түпкү мааниси). 2. *өт.* Каяша, каршы, каршыгуу, каяша айтуу. *Акарат кылып бирөөнү. Сөкпөгүлө, балдар ай* (Барпы).

**АКАТ** *диал.* Акыйкат, чындык. *Акат менен сүйлөйт.*

**АКАЦИЯ** Буурчак сыяктуу урук байлай турган ак гүлдүү, бийик өсүүчү дарак.

**АКБААРЫ** *диал.* Сулуунун сулуусу. *Алардын арасында акбаарылар аз беле.*

**АКБАР** Жогору, бийик; жогору даражалуу.

**АКВАЛАНГ** Адамдын суу астында дем алуусуна ыңгайланган өзүнчө аппарат.

**АКВАРЕЛЬ** Сууга эзиле турган боёк заты жана ушундай боёктор менен тартылган картиналар, сүрөттөр. *Гапар Айтиев Образцовдон акварель, май боёк менен кантип жазууну үйрөнөт* («Ала-Тоо»).

**АКВАРИУМ** Балыкты, сууда жашоочу жаныбарларды салып багуу жана сууда өсүүчү өсүмдүктөрдү салып өстүрүү үчүн жасалган көлмө же ичине суу куюлган айнек идиш. *Айшанын аквариумунда алтын балыктар бар.*

**АКВАТИНТА** *сүр.* Терендетилген гравюранын техникалык бир түрү.

**АКВАТИПИЯ** *сүр.* Майсыз суу боёкторун колдонууга негизделген гравюралык басманын техникалык бир түрү.

**АКВАТОРИЯ** Суу бетинин участогу, бир нерсенин суу турган бөлүгү. *Сууда сүзүү боюнча мелдештин акваториясы.*

**АКЕ** 1. *диал.* Ата. *Жалынсам акем берген жок, Келтектен Барпы өлгөн жок* (Барпы). 2. *диал.* Өзүнөн улуу агасы. *Ортончу акем Базарбай, Кошко жумшайт эртеге, Коштун башын жетеле* (Барпы). 3. Келиндер кайнагаларын тергөө иретинде айтылчу сөз. *Акемдер жүрөт, болбосо төө басты кылып мойнунан ылдый топурак куйсак болот эле* (Сыдыкбеков). *Дилде Чотур акесиникине жөнөдү* (Касымбеков). 4. Өзүнөн улуу эркек адамга карата ызаат менен айтылуучу сөз. *Жакшы китептериңиз барбы, аке* (Сыдыкбеков). *Омор аке да келди!* (Сыдыкбеков).

**АКЕ-ЖАКЕ** Акеле; бирөөдөн бир нерсе суранганда, жалыныч менен айтылчу сөз. *Аке-жакеси өтүп кетти* (Макенбаев).

**АКЕР** Кооздоп жасалган жыгач кепич. *Бутундагы кийген Булгары эмес акери* (Токтогул).

**АКЕСИН ТААНЫТУУ** Эсине келгидей кылып катуу жазалоо, ийге келтирүү, көргүлүктү көрсөтүү, теске салуу. *О, кайран жеңем, ишке жарайт! Биздин айылдын катындарынын адебин колуна берип, акесин таанытат* (Борбиев). *Тапанчасын кара иттин! Ошонусу болбогондо, акесин таанытмак элем* (Байтемиров). *Ошо тапта не бир көпкөн манаптардын акесин таанытып, ...журт алдында шылдың кылды* (Өмүрбаев). **В.: Акесин көзүнө көрсөтүү.** *Ачуусу боюнан тарай элек Дөөт кол шилтеди: – Мен анын акесин көзүнө көрсөтөм!* (Осмоналиев). **Атасын таанытуу.** *Токто, атаңды таанытам! Эргештин өңү кубулуп, тишине тишин коюп жете келди* (Мияшов). *– Чык быякка, салпаяк, эмесе атаңды таанытам* («Советтик Кыргызстан»). *– Атын байлап койгула. Айыбы үчүн союп алабыз. Мындан ары атасын тааный жүрсүн* (Каимов). **Атасын көзүнө көрсөтүү.** *Алар болбогондо атасын көзүнө көрсөтпөйт белек* (Баялинов). **Жети атасын таанытуу.** *Кандай болот экен! Жети атаңды таанытам! Мына сага. Көзүнөн чаары чыккан Оросул Эсирди басып калды* (Осмоналиев). **Жети атасын көзүнө көрсөтүү.** *Уятсыз макоо! Кемпир жети атамды көзүмө көрсөттү дегиң келбейт экен да!* («Ала-Тоо»).**Чоң атасын таанытуу.** *Айткан тилиңди албаса, чоң атасын таанытпай жаның жокпу?* («Чалкан»). **Бабасын таany- туу.** *Сенин бабаңды таанытам мен азыр* («Чалкан»).

**АКЕТАЙ** 1. Жалынуу, эркелетүү маанисинде айтылуучу сөз. *Коң кой, акетайым. Ыйлаба!* (Сыдыкбеков). *Ой, Адыл кан акетай, Менин жайым билбейсиң* («Мендирман»). 2. Ойго келбеген, күтүлбөгөн ишке, окуяга таң калгандыкты билдирүү үчүн колдонулат. *Бул эмнеси, акетай! Деги сенин дениң сообу?* («Чалкан»).

**АКИ** *диал.* Акиташ.

**АКИ-ЧҮКҮ** Иштин, окуянын ж.б. майда-чүйдө учурлары, майда-барат жактары. *Баягында иштин аки-чүкүсүнө түшүнбөй, апаң бир топ кайгы тартпадыбы* (Жантөшев).

**АКИЕК** *диал.* Акыйнек. *Калыбек анын үстүнө жаш кыз менен акиек айтышууну эп көрбөдү* (Каимов).

**АКИЙНЕК** *туурасы:* **акыйнек**.

**АКИМ** 1. Калыс. Акимдин негизги милдети тартышка түшкөндөрдүн доо иштерин адилдик менен карап, калыс чечип, эки тарапты элдештирүү болгон. 2. Орто кылымдагы мамлекеттик административдик турмушта анча чоң эмес шаардын же кыштактын шайлануу жолу менен бийликке келген башкаруучусу. Азыркы учурда: өкмөт тарабынан кандайдыр бир аймакты башкарууга дайындалган адам. Районду башкаруучу. *Анжиянда Алооке, Аким болгон жепжеке* («Манас»). 3. *өт.* Улук, бийлөөчү, башкаруучу. *Акимге кабар салайын.* («Манас» С.О.).

**АКИМДИК** Аким болуу абалы, бийлиги. *Баса, кан өткөн бабаңдын тукуму алты сан кыргызга акимдик сүрдү го, кудам!* (Сыдыкбеков).

**АКИМСИ** **акимсин** менен бирдей. *Акимсиген Карагул Айласы эми түгөндү* («Манас»).

**АКИМСИН** Башкаруучу, бийлөөчү катары сезүү (өзүн), өзүн аким болгондой көрсөтүүгө аракет кылган абал. *Акимсинген Карагул Айласы эми түгөндү* («Манас»). *Акимсинген Канчоро, Ак шайтандуу чочконун Эбин эптеп табайын* («Сейтек»).

**АКИМСИНҮҮ** **акимсин** этишинин кыймыл атоочу.

**АКИМЧИЛИК** **акимдик** менен бирдей. *Акимчилик кылуу. Акимчилигин көрсөтүү.*

**АКИНЕЗИЯ** Кыймылдай албастык, былк эте албастык, шал болуу.

**АКИС** 1. Жарыктын чачылышы. 2. *өт.* Ыйыктык, касиет. *Ак сакалымдын акиси урсун!*

**АКИТАШ** Таш сыяктуу тоо тектеринен күйгүзүү жолу менен алынып, көбүнчө курулушта актоо үчүн керектелүүчү ак түстүү зат. *Ак үй салган адамга Акиташ менен бор кызык* (Осмонкул).

**АККА МОЙНУН СУНУУ** 1. Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, жарык дүйнө менен коштошуу, өлүмгө моюн сунуу. *Чоң энем ошол күнү эсим барда керээзимди айтып калайын деп, бардыгыбызды чакыртып коштошуп, кечке жуук акка мойнун сунду* («Ала-Тоо»). 2. Ислам динине кирүү, бир кудайды (Алланы) таануу. 2. *Акка моюн сунушту* («Манас» С.О.).

**АККАРИ** *туурасы:* **акери.** *Аккари кийип аккалап, Көк жеке кийип чалкалап* («Эл адабияты»).

**АККЛИМАТИЗАЦИЯ** Кишинин, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жаңы климатка, жаңы жердин түрдүү тиричилик шарттарына көнүгүшү, ылайыкталышы, климатташуусу.

**АККОЗУ** Бийиктиги 20–25 *см* өсүп, баш жагына ак тоголок данча байлап, анысы аппак бүрдөгөн өсүмдүктүн аты.

**АККОМОДАЦИЯ** *биол.* Көнүктүрүү. Мисалы, көздү жарыкка жана караңгыга көндүрүү.

**АККОМПАНЕМЕНТ** Коштоо. Музыкалык чыгармалардын аспаптар менен коштолуп аткарылуусу.

**АККОРД** *муз.* Бир нече музыкалык добуштардын бир мезгилде коштоосу, ойноосу.

**АККОРДЕОН** *муз.* Кыяк сыяктуу тартылуучу клавишалуу музыкалык аспап. *Аккордеондун күүсү тиги өзөндүн урма суусунун*

*үнүнө аралашып татынакай угулду* (Байтемиров).

**АККОРДЕОНИСТ** Аккордеондо ойногон музыкант, аккордеон тарткан адис. *Рыспай Абдыкадыров – мыкты обончу,аткаруучу жана аккордеонист эле.*

**АККРЕДИТАЦИЯ** *дипл.* Эл аралык укуктун негизинде дипломатиялык өкүлүнүн башчысын кызматка дайындоого киришүү процедурасы.

**АККРЕДИТИВ** *фин.* Кандайдыр бир кредиттик мекеменин (банктын, сактык кассанын) ошондой башка бир мекемеге белгилүү суммадагы акчаны төлөп берүүсүн милдеттендирген документ.

**АККУМУЛЯТОР** *тех.* Электр энергиясын кийин пайдалануу максатында топтой турган техникалык түзүлүш. *Аккумуляторду кошсоң от алат.*

**АККУМУЛЯЦИЯ** Жыйноо, чогултуу, бир жерге топтоо. *Энергияны аккумуляциялоо.*

**АКМА** Агып турма, тынбай агып туруучу.

**АКМА КУЛАК** Унутчаак, укканын, айтылган сөздү бат унутуп коймо. *Акма кулакка айтсаң – агып калат, куйма кулакка айтсаң – куюп калат* (макал).

**АКМАК** 1. Кем акыл, эси жок, акылсыз. *Акмак достон акылдуу душман артык* (макал). *Жолду баштап бармакчы Култебер деген акмагы* («Мендирман»). *– Эй, башы жок акмак, мээң барбы? Кичине ойлосоң боло!* (Жантөшев). 2. Бирөөнү тилдөөдө, сөгүүдө, жек көргөндүгүн билдирүүдө колдонулат. *Сендей акмак сыйдан айлансын!* (Байтемиров). *Ар кайсыга бир тийип, «Акмак, жогол!» дедирбе* (Осмонкул). *Эмне үчүн ал акмактар жетим баланы аябайт* (Сыдыкбеков).

**АКМАК КЫЛУУ** Уятка калтыруу, шылдың кылуу, мазактоо. *Бир келесоонун тилине кирип бизди акмак кылба, иним* («Ала-Тоо»).

**АКМАКТАН** Бирөөгө акмактык менен мамиле кылуу, эси жоктонуп, акмактыкты көрсөтүү, начар иштерди иштегендик. *Акмактанбай жөн отурчу.*

**АКМАКТЫК** Кем акылдык, эси жоктук. *Акмактык кылып Телибай, Агаларын жүдөттү* («Тоголок Молдо»). *Акмактыгымды мойнума алам, Салыке, кечиргин мени!* (Каимов).

**АКМАКЧЫЛЫК** **акмактык** менен бирдей. *Ал кылганым акмакчылык экенин мойнума алам* (Жантөшев).

**АКМАЛА** 1. Андып байкоо, көзөмөлдөө, көз салуу. *Жылкы кайда кетер экен, акмалап карап турчу* («Ала-Тоо»). *Кайыр эшик жакты акмалады* (Токомбаев). 2. Көрүнбөй, жашырынып андуу, тымызын байкоо жүргүзүү. *Көкө эки жакты акмалап турду да, каалгага жакын барды* (Касымбеков). *Сен артынан бастырып акмалачы* (Жантөшев).

**АКМАЛАТ** **акмала** этишинин аркылуу мамилеси. *Сенин артыңдан акмалатып койгон киши бар* («Чалкан»).

**АКМАЛАШ** **акмала** этишинин кош мамилеси.

**АКМАЛАШУУ** Бири-биринин жайсыз жерлерин же бир кемчилигин андый берүү. *Үч күндөн берки акмалашуу бүтүп, бирине биринин сыры такыр белгисиз эки жоо үрөй учурган тым-тырс бойдон акырындап, улам жакындашып келатты* (Касымбеков).

**АКМАЛОО** **акмала** этишинин кыймыл атоочу. *Такыр жакын баралбай акмалоо менен алек* (Макенбаев). *Атай Сайранын чеберчилигин жаза кетирбей үйрөнүп калууга тырышып акмалоодо* (Жантөшев).

**АКМЕИЗМ** XX кылымдын башында орус поэзиясында пайда болгон агым. Предметтик тематика жана көркөмдүк сүрөттөөгө карама-каршы, көп маанилүү образдардын агымынан баш тартуу.

**АКРАБА** Жакын, ынак, куда-сөөк. *Ат алсаң акрабаң менен, кой алсаң коңшуң менен кеңеш* (Макал).

**АКРЕТ** *туурасы* **акырет**.

**АКРЕЦИЯ** *геол.* Шиленди.

**АКРИХИН** *мед.* Безгекке жана кээ бир мите ооруларына каршы колдонулуучу дары.

**АКРО ЫР** *адаб.* Ыр сабынын башындагы тамгаларды жогортон төмөн каратып окуганда, көбүнчө ырдын кимге арналгандыгы же ким тарабынан жазылгандыгын билдирген, болбосо дагы бир кандайдыр сөз келип чыккан тартипке түзүлгөн ыр.

**АКРОБАТ** Циркте эң татаал номерлерди аткаруучу машыккан, чебер гимнаст. *Көчүп жүрүүчү цирктин кичинекей тобунда фокус көрсөтүүчүлөр, акробаттар, клоундар жана айбандарды үйрөтүүчүлөр да бар эле* («Кыргызстан пионери»).

**АКРОБАТИКА** *спорт.* Гимнастиканын жана цирк искусствосунун бир түрү. *Акробатика – республикабыздагы спорттун жаңы түрү* («Советтик Кыргызстан»).

**АКРОБАТИКАЛЫК** **акробатика** дегенге таандык. *Акробатикалык көнүгүү.*

**АКСА** 1. Чолондоо. Аксак болгондуктан же бутун кокустатып, ооруксунуп алган үчүн ж.б. сылтып, бир жагына кыйралаңдап баскан абал. *Ашырдын бир жак буту мертинип аксап калды* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Тийиштүү деңгээлинде болбой, өксүк тартуу. *Яровой жалгыз болсо деле иш аксабайт* (Байтемиров). *Өндүрүш аксаса уяты кимге* (Сыдыкбеков).

**АКСАЙ** Апсаюу, саксайган көрүнүштө болуу.

**АКСАК** Аксап баскан, төкөр, бутунда майыбы бар, чолок. *Аксак кула мингени Арык*

*болгон ченебей* (Токомбаев). *Кой аксагы менен миң болот* (макал).

**АКСАК УЙКАШ** *адаб.* Төрт саптуу строфанын үчөө уйкашып, бирөө уйкашпаган түрү.

**АКСАКАЛ** 1. Улгайып калган, карыган же жаш жагынан улуулук кылган адам. *Аксакал дебей, жаш дебей, Алдыга койгон ураан бар* (Тоголок Молдо). 2. Бир айылдын, уруунун ж.б. башкаруу, акыл-кеңеш берүү жактарын тескеген башчысы, көбүнчө жашы улгайып калган айыл башкаруучусу, акылманы. *Кудайназар как башты Аксакал кылып алганбыз* («Эр Табылды»). *Аксакал болуп турсун деп Аш берген элдин башына* («Эр Табылды»). *Аксакал болуп балдарга, Арамдык жолго кирбей жүр* («Мендирман»). 3. *өт.* Кызматы, мансап орду жагынан жогору же жалпы эле жашы улуу адамдарга карата урматтоо, сыйлоо иретинде колдонулат. *Аксакалдын алдына арызданып бара жатканым* (Турусбеков). *Сен билбейсиң, аксакал деп койсоң, андайлар бат жибийт* («Советтик Кыргызстан»). *Жутуңуз, аксакал, суусадыңыз го* (Осмоналиев).

**АКСАКАЛ, КӨКСАКАЛДАР** Улуу-кичүүлөр, бүт бардыгы, чогуусу менен, *Аксакал, көксакалдардын айткандарына караганда олуя-заабалар батыштан чыгышка, чыгыштан батышка өткөндө конуп-түнөшөт, өргүшөт* (Кыдырмышев). *Адил карыяны айылдагы аксакал, көксакалдар баштап урматтап ардакташат* (Абакиров).

**АКСАКАЛДЫК** Аксакалдарга таандык улуулук, урмат-сыйга татыктуулук, кадырбарктуулук. *Аксакалдык жол менен Ашкатойго барчу экен* (Калык).

**АКСАКТЫК** Аксакка таандык өзгөчөлүктөр, аксап басуучулк.

**АКСАКТЫН САБЫРЫНА КАРА** Элдин баарынын колунан келеби, алсыздардын чыдамы жетеби, иштин аягы эмне менен бүтөрүн байка деген маанилерде колдонулат. *«Аксактын сабырына кара» деген, сабырдуу боло туралы* (Убукеев).

**АКСАҢДА** Аксап басуу, сылтып басуу. *Жапар балдагына таянып, аксаңдай басып, он сегизинчи палатага барып кирди* (Баялинов).

**АКСАҢДАТ аксаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Атын аксаңдатып бастырып араң келди* («Ала-Тоо»).

**АКСАҢДОО аксаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АКСАР** Куштун бир түрү.

**АКСАРБАРИ** Мусулмандардын башкаруучусу, жол баштоочусу. *Тилеймин азиретиңди муктажланып, Медет бер Нурмухамбет аксарбари* («Эл адабияты»).

**АКСАРБАШЫЛ** Кандайдыр бир коркунучта, кокустуктан, катуу кырсыктан аман-эсен калганда кубанычта Кудай жолуна арнап айтылган садага. *А кудай, айланайын, аксарбашыл* (Сасыкбаев). *Аксарбашыл айткамын. Азыр барып, чалабыз* (Жантөшев).

**АКСАРГЫЧ** Саргыч тарткан ак түс. *Ошол өзү... – деди, аксаргыч жүзү, көгүлтүр тунук көзү жайнап* (Касымбеков).

**АКСАРЫ** Кулаалынын бир түрү. *Аксары менен бөктөргө Аңдыганы балапан* (Тоголок Молдо).

**АКСАТ акса** этишинин аркылуу мамилеси. *Анын атын аксатып, Өзүн колго түшүрүп* («Эр Табылды»). *Берилбесе эмгекке өзүн өзү аксатат* (Калык).

**АКСЕССУАР** 1. Башкы нерсени толуктоочу, кошумча керектүү. 2. Театрдык жасалганын майда-бараттары, бутафориялык элементтер.

**АКСИАТ** Тескеричилер, реакциячылар.

**АКСИОЛОГИЯ** Турмуштагы баалуулук, нарктуулук жана бийик дөөлөттөрдү изилдөөгө арналган философиялык окуу.

**АКСИОМА** Далилдөөнү талап кылбаган чындык жол-жобо, эреже.

**АКСОО акса** этишинин кыймыл атоочу.

**АКСЫЙ** 1. **аксай** менен бирдей. 2. Сугун түшүрүп көзүн албай кароо, үңүлүп кароо. *Кенден бир жоболоңдуу окуя чыккан көрүнөт! Э-ээ! – деп, алар аксыйып атчандарды элес-булас карап калып жатышат* (Сасыкбаев).

**АКСЫЙТ аксый** этишинин аркылуу мамилеси. *Аксыйтпай ары жиберчи! – деди карап турганга жинденген зөөкүр* («Чалкан»).

**АКСЫМ** Орой, бетке чабаар, кыялы чатак, кызуу кандуу. *Армандуу эрдин бактына Аксым катын жолугат* (Тоголок Молдо).

**АКСЫМДАН** Аксымдык кылуу, аксымдык мүнөз көрсөтүү. *Аксымданып жиниңди көрсөтүшүң болобу* («Ала-Тоо»).

**АКСЫМДАНУУ аксымдан** этишинин кыймыл атоочу. *Аксымдануу менен жеңе албайсың* («Чалкан»).

**АКСЫМДЫК** Албууттук, оройлук, кырс кыялдуулук. *Аксымдык кылып, Чынкожо, Адамдын баркын кетирдик* («Семетей»). *Ачуулуу болуп, эр жигит, Аксымдыкка бут малба* (Токтогул).

**АКСЫН** Ак, таза киши катарында көрүнүүгө аракет кылуу, күнөөсүн танып, актанууга тырышкандык. *Курулай аксынган менен кутула албассың!* («Чалкан»).

**АКСЫНУУ аксын** этишинин кыймыл атоочу.

**АКСЫЮУ аксый** этишинин кыймыл атоочу.

**АКТ** 1. Мамлекеттик, коомдук мааниси бар документ (указ, токтом). *Жерди колхозчулардын түбөлүк пайдалануусуна берүү актысы. 1907-жылы Кочкор болушундагы эл Жер актысына кол койбой койгон* (Шү-

күрбеков). 2. Кандайдыр бир юридикалык маанидеги факт жөнүндө жазылган документ, протокол. *Айыптоо актысы. Акт жазуу.* 3. *адаб.* Драманын, спектаклдин сюжетиндеги өз алдынча бүткөн бир үзүндү окуя. Кыргыз театр искусствосунда акт деген түшүнүктүн ордуна «көшөгө» деген сөз да колдонулат.

**АКТА I** Бычуу, биттөө, энин алуу. *Сен эмне, кичине бала болуп кеткенсиңби? Мындан мурда айгыр актаганды көрбөй жүрдүң беле? Атам замандан бери келаткан жорук, мындан ары да актай беришет* (Ч. Айтматов).

**АКТА II** Аттын жонунан көтөрүлүп турган ээрдин көндөйү. *Ээрдин актасы.*

**АКТА III** Акиташ менен агартуу. *Үйдүн ичи-тышын актап, үй ичин таза күтүшөт* (Сыдыкбеков).

**АКТА IV** 1. Күнөөсү, айыбы жок экенин далилдеп, ак катары көрсөтүү. *Бүгүн күндүз Шабыраалыны текшергенде Барпыга чаң жугузбай актаган* (Байтемиров). *Семетей сайып алды деп, Өз-өзүндү актаба!* («Семетей»). 2. Ишенимге жетип, мээнетти кайтаруу, үмүттү орундатуу, жакшылыкка жакшылык менен иш кылуу, ишке жарап берүү. *Америка көктү өрттөөгө чамынат, Артык курал ишеничти актайт деп* (Байзаков). *Түйшүгүн тартып бек Аккан, Досчулугун актады* («Курманбек»).

**АКТА V** Таруу, шалы сыяктуу дандарды сокуга, жубазга салып жанчып, кабыгынан ажыратып тазалоо. *Актаган таруу, актаган күрүч.*

**АКТА БОЛУУ** Көп туруп эскирип кетүү. *Көп туруп чай акта болуп кеткен тура* (Байтемиров).

**АКТА КИШИ** Боюнда перзенттик уругу жок киши деген мааниде. *Бирок, боюнда уругу жок акта киши турбайбы?* (Убукеев).

**АКТАЙ** 1. Бетинде жазуу-сызуусу жок, ак боюнча, таза бойдон. *Актай кагаз.* 2. Чырмалбаган (чийге карата) *Актай чийди кызылга Чырмап сатты кайран эл!* (Шайбеков).

**АКТАЛ I акта III** этишинин туюк мамилеси *Акталган ат, акталган там.*

**АКТАЛ II акта IV** этишинин туюк мамилеси. *Өлкөгө берген убада Айткандай туура акталсын* (Осмонкул).

**АКТАЛ III** Күнөөдөн арылуу, күнөөсү жок болуп чыгуу. *Ооба, Поливанов бардык жагынан акталган* (Станалиев).

**АКТАЛА акта I** менен бирдей.

**АКТАЛГЫС** Күнөөсүнөн арыла алгыс, күнөөсүз боло алгыс. *1937-жылы кармалып, кайра акталгыс кылып кандуу репрессия теңдешсиз илимпоздун Теңирин таанытып салат* (Станалиев).

**АКТАН акта IV** этишинин өздүк мамилеси. *Сергей актангансып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Пендеси мен деп кудайдын Эл алдында актанат* (Барпы).

**АКТАН КАРА ТААНУУ** Сабаттуу болуу, окуй-жаза билүү. *Актан кара таанып, кат жазууга жарап калдык* (Убукеев).

**АКТАНУУ актан** этишинин кыймыл атоочу.

**АКТАТ акта III** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйдү актатып койбосом болчудай эмес* («Ала-Тоо»).

**АКТАЧЫ** *диал.* 1. Ат багуучу, ат багар. 2. Мал быча турган киши.

**АКТАШ акта III** этишинин кош мамилеси.

**АКТЁР** Театрда, кинодо роль аткаруучу профессионал артист. *Комедиялык актёр. Кыргыз элинен чыккан чыгаан актёр – Суймөнкул Чокморов.*

**АКТЁРЛУК актёр** дегенге таандык. *Актёрлук, талант. Актёрлук чеберчилик.*

**АКТИВ I** Кандайдыр бир уюмдун, коллективдин ишмер, демилгелүү ишке жандили менен берилген мүчөсү, алдыңкы тобу. *Класстын активи. Райондук активдер чогулушу. Активдер менен кер-мур айтышуу Белекке жат иш* (Жантөшев).

**АКТИВ II** *бухг.* Бухгалтердик баланстын бир бөлүгү, анда белгилүү бир датага карата, ошол ишканага (фирмага, уюмга, мекемеге) тийиштүү материалдык баалуулуктардын бардыгын отчеттук мезгилдин башындагы жана аягындагы курамы жана жайгашуусу чагылдырылат.

**АКТИВДЕШ** Мурдагысынан бир кыйла демилгелүү, активдүү болуу. *Биздин класстын окуучулары күндөн күнгө активдешип баратат.*

**АКТИВДЕШТИР** Активдүүлүктү күчөтүү, ишти активдүү түрдө жүргүзүү.

**АКТИВДЕШТИРҮҮ активдештир** этишинин кыймыл атоочу.

**АКТИВДЕШҮҮ активдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**АКТИВДИК актив** дегенге таандык.

**АКТИВДҮҮ I** Иштиктүү, демилгелүү. *Активдүү окуучу. Харитонов көтөрүлүшкө активдүү катышып келатат* (Абдукаримов).

**АКТИВДҮҮ II актив II** дегенге таандык. *Активдүү операция, Активдүү мүлк.*

**АКТИВДҮҮЛҮК** Бир нерсеге ишкердик менен киришкендик, кайраттуу, жигердүү аракет. *Шайлоолор шайлоочулардын жогорку активдүүлүгү жана уюшкандыгы менен саясий чоң жогорулаштын кырдаалында өттү* («Советтик Кыргызстан»).

**АКТИВИСТ** Кандайдыр бир уюмдун ишкер мүчөсү; коомдук ишке активдүү катышуучу. *Класстын активисттери.*

**АКТОО I акта III** этишинин кыймыл атоочу. *Үй актоо. Там актоо.*

**АКТОО II акта IV** этишинин кыймыл атоочу. *Эми мен алардын эмгегин кантип*

*актоом керек?* (Жантөшев).

**АКТОО III акта V** этишинин кыймыл атоочу. *Таруу актоо. Шалы актоо.*

**АКТООЧУ** *сүйл.* Адвокат, жактоочу.

**АКТРИСА** Театрда, кинодо ролдорду аткаруучу актёр аял.

**АКТУАЛДУУ** Азыркы убакыт үчүн абдан маанилүү, азыркы учурдун маанилүү таламына жооп бере алган; оңтойлуу, зарыл. *Актуалдуу маселе. Актуалдуу тема. Жазуучулардын алдында азыркы учурдун эң актуалдуу маселелерин иштеп чыгуунун маанилүү милдеттери турат.*

**АКТУАЛДУУЛУК** Актуалдуу мааниси бар экендик. *Маселенин актуалдуулугу.*

**АКТЫ КАРА КЫЛУУ** Чындыкты төгүнгө чыгаруу, бурмалоо, барды жокко айландыруу. *Акты кара кылган неме экен, чээнден чыккан!* (Ш.Үмөталиев).

**АКТЫК I** Ак түстүүлүк, ак түстө экендик. *Кар баскан талаанын актыгынан көз тайгылат.*

**АКТЫК II** 1. Жазыксыздык, күнөсүздүк, айыбы жоктук. *Бул аялдын актыгын, баланын кимге тиешелүү экенин кантип текшерүү керек?* (Абдукаримов). 2. Чындык, акыйкаттык, тууралык. *Менин билгеним ырас, актыгым үчүн жан бер десең жан да берем* (Байтемиров).

**АКТЫРГА** Ээрдин киши отуруучу бөлүгүнүн эки жак капталы. *Качандыр бир убакта азынаган айгыр алчыланган күлүктөрдүн үстүнө токулган жалпак каш чоң ээр жаман төшөнчүлөрдүн алдындагы жерде, алдыңкы актыргасынын бири сынган ыңырчак менен катарлаш жыйылган* (Жантөшев).

**АКУЛА** Деңизде жашоочу чоң жырткыч балык.

**АКУН** Дин башчысы, дин ээси.

**АКУР** *диал. туурасы:* **акыр.** *Таш акурдан жем жеген, Тамаша десе дегдеген* (Женижок). *к.* **акыр.**

**АКУСТИКА** 1. Физика илиминин үндү, тыбыштарды изилдөө, үн кубулуштарын үйрөнүп билүү боюнча бөлүмү. 2. Кандайдыр бир үйдүн ичинде үндүн угулуш шарттары. *Бөлмөңөрдүн акустикасы дурус.*

**АКУШ** *сейр.* Ыр. *Баягы арты кучак чоң комуз Дутарларын тарттырды, Алтымыштай балбанга Тегиз акуш айттырды* («Сейтек»). *Тегиз акуш айттырып* («Семетей» С.К.).

**АКУШЕР** Аялга анын боюнда бар кезинде, төрөт убагында жана төрөгөндөн кийинки мезгилде жардам көрсөтүүчү врач.

**АКУШЕРКА** Медициналык орто маалыматы бар, төрөт убагында өз алдынча жардам берүүгө укуктуу аял.

**АКЦЕНТ** 1. Сөздөгү басым, айтылыш боюнча өзгөчөлүк. 2. *полигр.* Басымды билдирүү үчүн тамганын үстүнө коюлуучу белги. 3. Өзүнүн эне тили болбогон башка тилде сүйлөгөндө, ал тилдин тыбышын аргасыздан бузуп айткандык. *Кавказдыктар орусчаны өзгөчө бир акцент менен сүйлөшөт. Акцентсиз сүйлөө.* 4. Бир ишке маани берүү, көңүл буруу, ошол ишти негизги, башкы деп эсептөө.

**АКЦЕНТОЛОГИЯ** *линг.* Белгилүү бир топтогу тилдердин интонацияны изилдөөчү тил илиминин бөлүгү.

**АКЦИЗ** *экон.* Кээ бир керектелүүчү товарларга, көрсөтүлгөн кызмат түрүнө салуучу запастагы салык.

**АКЦИОНЕР** *саяс.* Акционердик коомдун акцияларына ээ болгон укуктуу жеке инсан же юридикалык уюм, мекеме.

**АКЦИОНЕРДИК акция II** дегенге таандык, акцияга негизделген. *Акционердик коом. Акционердик компания.*

**АКЦИЯ I** Ири ишканага төгүлгөн пайдын суммасын далилдеп, анын ээлерине ошол ишкананын ишине катышып андан табылган пайдага ортоктош болуу укугун берүүчү баалуу кагаз.

**АКЦИЯ II** *саяс.* Кандайдыр бир экономикалык же саясий максатка жетүү үчүн иштелген аракет. *Дипломаттык акция.*

**АКЦИЯЛАР** *саяс.* Дивидент түрүндө киреше берүүчү баалуу кагаздардын түрү.

**АКЧА I** Сатып алуу, сатуу иштеринде баанын өлчөмүн көрсөтүү үчүн колдонулуучу металл же кагаздан жасалган баалуу зат. *Күмүш акча. Кагаз акча. Миң сом акча.*

**АКЧА II** Агыш, акчыл, акжуумал. *Акча беги нурданат, Ай асмандан тийгендей* («Мендирман»).

**АКЧААМАЙ** Анча арык эмес, болорболбос майы бар. *Акчаамай эти бар бээ. Акчаамай булчуңдар.*

**АКЧАЛАЙ** Акча түрүндө. *Акчалай сыйлык. Акчалай төлөп берүү. Бул чарбада гарантияланган акчалай эмгек акы төлөө киргизилген* («Кыргызстан аялдары»).

**АКЧАЛАТА акчалай** менен бирдей. *Акысын акчалата төлөп бергиле, – деди башкарма* («Ала-Тоо»).

**АКЧАЛУУ** Акчасы бар, акчасы көп. *Акчалуу болгонуңда эсептеше бересиң* («Ала-Тоо»). *Акчалууга – базар, акчасызга – мазар* (макал). *Акча кагаздан жаралбайт, эмгектен жаралат. Акчалуу киши бардыгын ала алат* (Шүкүрбеков).

**АКЧЫ** *туурасы:* **акчыланма.** *Мунун акчысын кантесиң.*

**АКЧЫЛ** Агыш, көгүлжүм ак. *Кышта акчыл, күздө сур, Жаралгандан багы бар. Кубулбаса ошентип, Кантип жаны багылар* (Токомбаев).

**АКЧЫЛАН** Күнөөнү тануууга, жокко чыгарууга аракет кылуу, өзүн таза, ак катарында көрсөтүүгө аракет кылгандык. *Акчыланбай эле кой жигит!* (Убукеев). *Кенебей*

*алактап акчылана баштады* (Касымбеков).

**АКЧЫЛАНМА** Өз күнөөсүн же бирөөнүн күнөөсүн таныл, жокко чыгарууну жакшы көргөн киши.

**АКЧЫЛАНТ акчылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АКЧЫЛАНУУ акчылан** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЧЫЛДОО** *диал.* Агыраак, агышыраак келген. *Кирпиги акчылдоо жалпак сары киши* (Жантөшев).

**АКШАК** Жаргылчакка же тегирменге тартылган, сокулап жанчылган чала жарылган дан. *Адамдын тамактануусунда нан, акшак ж.б. сыяктуу тамак-аш продуктылары кычкыл минералдык заттары менен артыкчылык кылат* («Ден соолук»). *Сабира карточка менен алган нанын, майын, акшагын Клава энесине берип турду* (Сасыкбаев).

**АКШАМ** Күн батып, каш карайган мезгил. *Мен акшамда эле келдим.*

**АКШАР** Тоодо өскөн, куурай түркүмүнө кирүүчү, майда, ак жалбырактуу бадал. *Алабата, акшар аралашкан куурайдан эки күнү чаап жыйнап койгонбуз* (Жантөшев).

**АКШЫЙ** Көздүн агын чыгарып акырайып кароо. *Эх, акшыйган көзүң менен!..* (Сасыкбаев).

**АКШЫЙТ акшый** этишинин аркылуу мамилеси. *Жеп жиберчүдөй болуп көзүн акшыйтып карайт мага* (Байтемиров).

**АКШЫК** Сокур; көзү кылыр, кыйшык. *«Атпа!» дедим ордуман ыргып туруп, Адам экен көзү акшык, бети тулуп* (Байзаков).

**АКШЫҢ** Көздүн агын чыгара акшыя, кыйшая караган көз караш. *Көзү акшың этип, жүрөктү түшүрөт.*

**АКШЫНДА** 1. Акшың-акшың этүү, жакшы көрө албай калган абал. *Акшыңдабай жакшы айдагын, Ала таштап жүрбөгүн* (Бөкөнбаев). 2. *өтм.* Жактырбай жаман көрүп кароо. *Аттанып азыр кетемин, Акшыңдап кокус урушсаң* (Токтогул).

**АКШЫНДАТ акшында** этишинин аркылуу мамилеси. *Ата-энеден тилдетип, Акшыңдатат көзүңдү* (Шүкүрбеков).

**АКШЫНДОО акшында** этишинин кыймыл атоочу.

**АКШЫРАЙ** Жактырбастан, жаман көз менен акырайып кароо. *Максуттун көзү ансайын акшырайды* (Сасыкбаев).

**АКШЫРАЙТ акшырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Бул да болсо замананын бузулганы! – деди эки көзүн акшырайта озондоп* (Баялинов).

**АКШЫРАЮУ акшырай** этишинин кыймыл атоочу.

**АКШЫЮУ акшый** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫ** 1. Бирөөнүн кандайдыр бир нерсеге карата болгон укугу. *Жогол, үйдү аңтарт-паймын, акың жок* (Байтемиров). *Эмне, эл менен коштошууга акым жок беле?* (Сасыкбаев). 2. Кылган кызматы, мээнети үчүн ала турган акча, мал же башка нерселер, аласа. *Кызмат акы. Эмгек акы. Койчу болуп эки жылы Борбуга, Жалгыз гана котур эчки акы алды* (Бөкөнбаев). *Баягы акы доолайсыңар деп кууп жиберген малайларынан экенсиң го?* (Турусбеков).

**АКЫБАЛ** 1. Кишинин ден соолукка байланыштуу абалы. *Акыбалы кайрадан оорлой баштады* (Станалиев). 2. Социалдык-экономикалык абал, турмуш шарты. *Бул акыбал болуп келди кыйладан, Көп араба сынмак тургай кыйраган* (Турусбеков). *к.* **абал, ахвал**. 3. Көңүл, маанайга байланыштуу абал. *Аскар эшиктен киргенден баштап өз калпын кантип жашыраарын билбей Дүрбөлөң кыйын акыбалда калды.*

**АКЫБЕТ** 1. Сиңирген эмгектин, мээнеттин кайтарымы. *Акыбетим кайтарылып, балдарымдын алды үйлүү-жайлуу болушту* («Жаш ленинчи»). 2. Иштин акыры, натыйжасы, болгон жыйынтыгы. *Атамды жалган жалаа менен каматкан Карынбай табарсыгы буулуп өлдү. Бирөөнүн убалынан коркпой, жамандык кылуунун акыбети мына ушундай болот* (Абдукаримов). *Бала үчүн далалатым текке кетпеди, акыбетим кайтты* (Бейшеналиев). *Сиздин ак эмгегиңиздин акыбетин кайтарып, чындыкты баалаган биздин теңчил замана* (Бейшеналиев).

**АКЫЙ I** 1. Көздү айырбай жалдырап кароо; бир нерсеге зарыгуу, зарыгып күтүү. *А, Айдар, акыйып күтүп турган экенсиң го ашыгыңды! Сен күтсөң да ал күтпөйт* (Сыдыкбеков). *Өгөчө күзүндө жана жазында – суу кирген кезде бул көпүрөдөн же ары, же бери өтө албай көзүбүз акыят* («Чалкан»). 2. Көздөгөн максатка жетсем, ойтилегим орундалса деп дегдөө, эңсөө. *Ой, барсам деп ал курска акыйгандар четтен чыгат* (Байтемиров).

**АКЫЙ II к. акыйнак.**

**АКЫЙ АЙТЫШУУ к. Акыйлаш** – *Бий аке, сиз менен акый айтышуу үчүн келген эмесмин!* (Убукеев).

**АКЫЙКАТ** Чындыкка, адилеттикке негизделген, тууралык, жалганы жок; чындык, адилеттүүлүк. *Көңүл салып уккула Акыйкат айткан кебимди* (Токтогул). *Азыркы күндө ар ишти Акыйкат менен текшерди* (Осмонкул). *Акыйкатты Айтматовчо айталбай, Көптөр жүрдү, бужүрөшүп өтүнүп* (Акматалиев).

**АКЫЙКАТСЫЗ** Акыйкат эмес, адилеттиги жок, чындыктан алыс. *Кайгырып жүрүп карыдым Акыйкатсыз замандан* (Токтогул).

**АКЫЙКАТСЫЗДЫК** Чындыкка, адилеттүүлүккө негизделбегендик, адилетсиздик.

*Бул кандай акыйкатсыздык деп ичинен кейийт* (Каимов).

**АКЫЙКАТТА I** Чындыгында, туурасын айтканда, табигый көрүнүшүндө. *Акыйкатта бала Барпынын жекече турмушу, малайлык жолу кутуусуз-кутулгу өзгөрүштөргө учурап кирди* (Даутов).

**АКЫЙКАТТА II** Чындыгына жетүү, акыйкаттыгын аныктоо. *Абалы күнөө кимде, ошону акыйкаттагыла* (Элебаев).

**АКЫЙКАТТАЛ акыйкатта** этишинин туюк мамилеси.

**АКЫЙКАТТОО акыйкатта** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫЙКАТТУУ** Акыйкатчыл, адилеттүү, чындыкка негизделген. *Акыйкаттуу закон.*

**АКЫЙКАТТЫК** Чындыкты жактагандык, адилеттик. *Акыйкаттык кылуу. Ишти акыйкаттык менен текшерүү.*

**АКЫЙКАТЧЫЛ** Чындыкты, адилеттикти жактоочу, акыйкатты жакшы көргөн. *Менин элим – Акыйкатчыл пролетар* (Токомбаев).

**АКЫЙЛАШ** 1. Ыр менен бирин-бири кордоп, шылдыңдап айтышуу, акыйнек айтышуу (секелек кыздарга карата). *Эки айылдын кыздары акыйлашып жатышты* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Сөз талашып урушуу, бири-бирине кер айтышуу. *Тарт ары, аны менен акыйлашып отурбай кыймылда!* (Байтемиров). *Буфет жактан экөө айкыра сүйлөп, акыйлашып калды* («Чалкан»).

**АКЫЙЛАШТЫР акыйлаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Экөөнү кечке акыйлаштырбай, кой деп коёр адам болбодубу?* («Чалкан»).

**АКЫЙЛАШУУ акыйлаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫЙНАК //АКЫЙНЕК** 1. Кыргыздын оозеки чыгармачылыгында айтыш жанрынын бир түрү. Жаш балдар-кыздардын тамашалоо, кордоо, шакаба чегүү, мыскылдоо иретинде ыр менен айтышуусу. *Эки тарапка бөлүнүп акыйнек айтышса да Батийна эч кимден калышпас эле* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кордоо, шылдыңдоо. *Акыйнакты айтпайбы* («Манас» С.К.).

**АКЫЙТ акый** этишинин аркылуу мамилеси. *Көрүнгөн эле кыздарга көздү акыйта бересиңерби* («Ала-Тоо»). *Асмандан алтын айдай тийип туруп, Акыйтып аңсатасың бийик туруп* (Жусуев).

**АКЫЛ** 1. Адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгү, эс. *Асыл таштан чыгат, акыл баштан чыгат* (макал). *Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен* (макал). 2. Кандайдыр бир иштин чечилиш жолу, амалы, ыгы же ушундай максатта бирөөгө айтылган кеңеш, ой-пикир. *Кошой аба, акыл тап, Ашын кандай беребиз* («Манас»). *Акыл ойлоп шашпады Алдоонун кебин баштады* (Тоголок Молдо). *Бул дурус акыл, – деди Насир* (Жантөшев). *Буга сиз кандай акыл кошор элеңиз* («Чалкан»).

**АКЫЛ АЙРАН ТАҢ БОЛУУ** *к.* **Акылы айран болуу.**

**АКЫЛ ЖЕТПӨӨ** Эмне экенин, жөн-жайын биле албоо, түшүнбөө. *Ошол тырмактай балдар жасаган буюмдарга менин да акылым жетпейт* («Ала-Тоо»).

**АКЫЛ САЛУУ** Бирөөнөн кеңеш суроо, акылдашуу. *Күмүш үндүү, күн жүздүү Күркүрөгөн шер абам Барып акыл салайын* («Семетей»).

**АКЫЛ ТОКТОТУУ** Эсин жыюу, сабырдуулук менен ойлонуп иш кылуу. *Акыл токтоткон жөн, бирөөнүн бүлөсү бирөөгө бүлө болбойт* (Абакиров). *Акыл токтотуп ойлоп көрсөңүз, буга да кыйын* (Мырзаев).

**АКЫЛ-ЭСИН ЖЫЮУ** Эсине келүү, мурдагы өзүнүн абалында болуу (көбүнчө эсинен танып, эс-учун билбей калган учурларга карата). *Түнкү салкын абага сергий түшкөн Бүкөн акыл-эсин жыйып, боолголоп айлана-чөйрөсүнө көз жүгүрттү* (Абакиров).

**АКЫЛ-ЭСИН ТОКТОТУУ** *к.* **Акыл токтотуу.**

**АКЫЛ-ЭСИНЕ КИРҮҮ** Чоңоюп, торолуп, ар нерсе, бир нерселерге түшүнө баштоо. *Өзүң айткандай, акыл-эсиңе кире элексиң да* (Абдукаимов).

**АКЫЛ-ЭСТЕН ТАНУУ** Эч нерсени сезбей, өзүн жоготуп коюу, эс-учун жоготуу. *Бирок ал бул суроолорго жооп издеген жок, тек гана акыл-эстен танган немедей өзүнчө кобурай берди* (Исмаилов).

**АКЫЛАШ** Соодалашып акы доолоо, өз ара эсептеше жүрүү. *Кулбаш Мырзабай менен акылашып жүргөн* (Абдукаримов).

**АКЫЛАШТЫР акылаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АКЫЛАШУУ акылаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫЛГА ДЫЙКАН** Акылга бай, даанышман, акылдуу. *Акылга дыйкан Каныштын Алда кандай сөзү бар Кабарын угуп алыңыз* («Манас»). *Айтылуу чечен Ажыбай Акылга дыйкан эреним* («Манас»). *Толубай сынчы өзү – акылга дыйкан, билгич, кыраакы адам* (Бейшеналиев). *Тоголок Молдонун акылга дыйкан экендигине кулдук уруп багынуу ылайык* (Бейшеналиев).

**АКЫЛГА САЛУУ** Ойлонуп көрүү, абдан ойлонуу, аркы-берки жактарын байкаштыруу. *Сабырлык менен акылга салып иш кылуу керек* (Жантөшев). Акылга салып ойлоп көрсөм, бир чети анын ошенткени да туура болгон экен. (Өмүрбаев).

**АКЫЛГА СЫЯРЛЫК** Демейдегидей эле көрүнүш, ченден чыккан абал эмес, этикага туура келерлик. *Жок дегенде акылга сыярлык иш кылсаңарчы, «Карышкырды кой су-*

*зүп качырсын» деген кеп – алмустактан бери акылга сыярлык иш эмес экендиги белгилүү «Ала- Тоо».*

**АКЫЛГА ШЕРИК** Эстүү-баштуу, акыл кошоор, кеңеш берүүчү. *Акылга шерик аксакалдарыбыз бар* (Медетов).

**АКЫЛДА** 1. Шашкандан, корккондон же катуу сүйүнгөндөн ж.б. жүрөк лакылдап согуп, кан тамырлары катуу кагып дем алалбай аптыгып калган абал. *Канчалык баатыр болсо да, Акылдайт жүрөк акылдайт* (Жантөшев). *Негедир Айымдын жүрөгү акылдайт* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсеге катуу умтулуу, катуу каалап, самап, эңсөө. *Акылдабай тынгын да, Адал эмгек кылгын да* (Шүкүрбеков). 3. Кээде алкылда маанисинде да учурайт.

**АКЫЛДАН АДАШУУ** Шашылыштан жаңылыштык кетирүү, алдастап калуу, апкаарып калуу. *Акылдан адашып, Аптыкпагын бириңер* («Эр Табылды»). *Акылыңардан адашпагыла журт* (Турусбеков). **В.: Акылдан шашуу.** *Жаш бала кечкен дайрадан кечпеймин деп качканың – Акылыңдан шашканың* («Семетей»).

**АКЫЛДАН ТАНУУ** Коркко ндо же кандайдыр бир кыйынчылыкка учураганда эмне кыларын билбей калуу. *Муну көргөн кыргыздар, Акылынан танышып* («Манас»). *Акылдан танган неме деп ойлошкон тура!* («Кыргызстан маданияты»).

**АКЫЛДАТ акылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АКЫЛДАШ I** Кеп-кеңеши бирге, кеңешип иш кылуучу. *Акылдаш жакын адамга Айткым келет сырымды* (Осмонкул).

**АКЫЛДАШ II** Бирөөгө кеңеш салуу, акыл суроо, пикирлешип кеңешүү. *Апа! Сага акылдашайын деп, келдим* (Байтемиров). *Биз акылдашып, ойлонуп көрөлү* («Ала-Тоо»).

**АКЫЛДАШТЫР акылдаш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АКЫЛДАШУУ акылдаш II** этишинин кыймыл атоочу. *Силерге акылдашуу үчүн келип турамын* («Ала-Тоо»).

**АКЫЛДОО акылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫЛДУУ** Эстүү, акылы бар, акылы толук. *Мынаңыз, аксакал, акылдуу кишинин кылары ушул* (Байтемиров). *Акылдуунун алды менен жүр, акмактын арты менен жүр* (макал).

**АКЫЛДУУЛУК** Эстүүлүк, акылы бар, акыл-эстүү адамга тийиштүү сапат. *Кызынын акылдуулук менен сүйлөгөн сөзүнө Тоту жооп таба албады* (Жантөшев).

**АКЫЛДУУРААК** Акылы көбүрөөк. *Окуучуларымдын акылдуурагы ошол.* (Мавлянов).

**АКЫЛДУУСУН** Акылдуу катарында көрүнүүгө аракет кылуу, акылдуу болгонсуп көрүнүү. *Акылдуусунуп кеп айтат... Апенди чалыш байкушум, Артынан кууган тыйындын* (Сарногоев).

**АКЫЛДУУСУНУУ акылдуусун** этишинин кыймыл атоочу. *Обу жок кажый берүүнүн, акылдуусунуунун пайдасы барбы* (Байтемиров).

**АКЫЛКАРАЧАЧ** 1. Элдик жомоктун каарманы. Өтө акылдуу аял. *Акылкарачачтай эле кеңеш бергенин карачы!* (Абакиров). 2. *өт.* Акылман (оң жана какшык маанисинде). – *Ой, сен бул оюңду акылкарачачыңдын түртмөсү менен айтып жатасың го дейм* (Байтемиров).

**АКЫЛМАН** Акылга жетик, көптү билген, даанышман. *Уста көптү көргөн акылман аксакал* («Эр Төштүк»). *Алыскы ишти ойлогон, Акылмандын бири экен* («Манас»).

**АКЫЛМАНДУУ** *туурасы:* **акылман, акылдуу.** *Ак жоолуктун ичинен Акылмандуу жан эле* (Бөкөнбаев).

**АКЫЛМАНДЫК** Акылдуулук, акылга жетиктик, акыл-эстүүлүк, даанышмандык. *Бул сөздө эмнени акылмандуулугу* (Сасыкбаев).

**АКЫЛСЫЗ** 1. Эси жок, кем акыл, эселек. *Кесепеттүү акылсыз, Өзүнө кылган кастыгы, Колхозго кызмат кылбаса Кайдан болот аштыгы* (Тоголок Молдо). *Акылсыз, арсыз дөдөйлөр Адамга сырттан баа берер* (Элебаев). 2. Тилдегенде, жемелегенде айтылуучу сөз. *Акылсыз, урган кырк жигит Ат алып келер болсочу* («Курманбек»). *Акылсыз, буга белек жиберип эмне кылат* («Ала-Тоо»).

**АКЫЛСЫЗДЫК** Эси жоктук, акылы жоктук, кем акылдык, эселектик. *Ошондо меники акылсыздык же балалык экенин билбейм, айтор Шадыкандын сөзү көңүлүмө кирбеди* (Элебаев).

**АКЫЛУУ** 1. Акы төлөнө турган, бекер эмес. *Акылуу иш. Отурган үйдүн орду, малдын жайыты акылуу болду* (Элебаев). 2. Бирдемеге укугу бар, укуктуу. *Алар ушундай улуу баатырдык кылган өздөрүнүн уулу менен сыймыктанууга акылуу* («Советтик Кыргызстан»). *Өзүнүн орду на башкаларды жалдап жиберүүгө акылуу* (Турусбеков).

**АКЫЛЧЫ** Акыл айтуучу, кеңеш берүүчү, акылдаш. *Акылчы болчу мен эмес, Акылга дыйкан уланга* (Маликов).

**АКЫЛЫ АЙРАН БОЛУУ** Эмне кыларын биле албай, эмне экенине түшүнө албай, башы маң болгон абалда калуу. *Ушинтип башына нечен суроолор келип, акылы айран болуп түйшөлүп жатып, таңга маал көзү илинди* (Саатов). **В.: Акылы айран таң болуу.** *Айтор, көзү көргөн окуяга Сагындын акылы айран таң болду* (Осмоналиев). *Акылым айран таң болуп, Коңурдун башы маң болуп* («Семетей»). *Кечиресиз, эмне болуп*

*жатканына акылым айран таң болуп турат* (Борбиев). **Акылы айран калуу.** *Ойлонуп отуруп акылың айран калат, айылда чаар киши калбай баратат* (Сыдыкбеков). *Ушунчалык коромжулукка учуратканына акылың айран калат* («Чалкан»).

**АКЫЛЫ ТУНУК** Өтө эстүү, көптү түшүнгөн, түшүнүктүү. *Акылы тунук болбосо да арман кылышка болор эле* (Медетов). *Жамалдын акылы тунук* (Сыдыгалиев). *Акылың тунук жигит көрүнөсүң* (Кыдырмышев).

**АКЫЛЫ ЧОЛОК** *к.* **Чолок акыл.**

**АКЫЛЫН ТАБУУ** 1. Амалын табуу, ыгын табуу. 2. Эсебин табуу, шордотуу. *Атанын малын күттүрбөй, Акылыңды табармын* («Эр Табылды»). **В.: Акыл калчоо.**

**АКЫН** 1. Казак, кыргыз элдерине мүнөздүү төкмө ырчы, жамактап ыр чыгаруучу. *Айдалып кеткен Шиберге, Акын Током аманбы* (Тоголок Молдо). *Эп келтирип ырдаса Ырдын көркү акында* («Мендирман»). 2. Поэзиялык чыгарма жараткан автор, ыр жазган жазуучу. *Ошондуктан акын атым болбосо, Турмушумда мен да кара жумушчу* (Осмонов).

**АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫ** *адаб.* Ырчылар поэзиясы, төкмөчүлүк өнөрү менен поэзия жараткан жалпы ырчылардын чыгармачылыгы.

**АКЫНДЫК** **акын** дегенге таандык. *Акылайга окшобой калабы дейм, Акындык күчүм менин жетпей турат* (Турусбеков). *Ак калпак кыргыз элиме Акындык менен жаккан кез* (Жеңижок).

**АКЫНСЫ** **акынсын** менен бирдей.

**АКЫНСЫН** Акын катары көрүнүүгө аракет кылуу. *Акынсынган неме турбайбы.*

**АКЫНСЫНУУ** **акынсын** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫР I** Чөптү, тоютту тепселип, коромжу болуудан сактоо максатында көбүнчө жылкы үчүн ылайыкталып тосуп жасалган жай, тосмо. *Тамдын бурчунда жалгыз аттын акыры* (Элебаев). *Жамал! Меймандын атын акырга байлап, чөп сал* (Жантөшев). *«Алтындан акыр соктур!» – деди.* («Эл адабияты»).

**АКЫР II** Аягы, соңу, бүткөн жери, акыры. *Жадабай угуп отургун сөз акырын* (Үмөталиев). *Ойлоп көр кылган иштин акыр жагын* (Үмөталиев). *Атасынан баласы артык болбосо, Акыр заман болот дечү карылар* (Токомбаев). *Акыр заман журтуна Айтылгандай иш болсун* («Эр Төштүк»).

**АКЫР III** **акыры** менен бирдей. *Келе бери, баатыр деп, Тартышалы акыр деп* («Манас»). *Ичимде кетти далай сыр, Чечилер түйүн ал акыр* (Элебаев).

**АКЫР IV** Катуу кайгырып бакыр, айкыр. *Айгай салып акырды, Абаке деп бакырды* («Манас»). *Акырган бойдон эр Манас Жөнөп жүрүп калганы* («Манас»).

**АКЫР ЗАМАН** 1. Диний түшүнүк боюнча: жер жүзүндө жашоонун токтолушу, жашоо-тиричилик кылууга мүмкүн болбой калгандык. *Акыр заман Адамы* («Манас» С.О.). *Ал акыр замандын болоорун күн мурун уккан имиш* («Ала-Too»). 2. Катуу кыйынчылык, оорчулук, өтө оор, кыйынкыстоо абал. *Акыр заман салдың го Айбан да болсо сырдашым* («Эр Төштүк»). *Акыр заман башыма сала турган болдуң го* («Манас»). **В.: Заман акыр.** *Заман акыр, жер такыр.* **акыр-такыр заман.** *Такыр чаап алды эми, Акыр-такыр заманды Журт башына салды эми* («Манас»).

**АКЫР-ЧИКИР** Эчтемеге жарабаган, ыпыр-сыпыр, таштанды; шыпырынды. *Мастерскойлорду желдетүү, шыпыруу, акыр-чикирлерин тазалап чыгуу иши да көпкө созулбады* («Ала-Тоо»).

**АКЫРАЙ** Көздү чоң ачып бакыраюу, жаман көрүп алая карoo. *Акырая бир карап, Ачууланып калганы* («Манас»). *Салык Кадыркулга акырая карады* (Каимов).

**АКЫРАЙТ** **акырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Көзүн акырайтып, бизди жек көрүп турган бул ким десе, биздин жээн болот турбайсыңбы?* («Ала-Тоо»).

**АКЫРАҢДА** Көздү акырайта карап ачуулануу, жаман кыялын көрсөтүү. *Мен эмне кылдым ошончолук акыраңдагандай* (Байтемиров).

**АКЫРАҢДАТ** **акыраңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Көпкөн уулуңду бизге акыраңдатпай, тыйып койбойсуңбу* («Ала-Тоо»).

**АКЫРАЮУ** **акырай** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫРЕК** Далы менен төш сөөгүн бириктирип туруучу сөөк; көкүрөктүн ушул сөөк турган бөлүгү. *Жүк көтөрүп көлүкчө, Акыректи жооруттук* (Каралаев). *Сансыздын көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

**АКЫРЕТ** Диний түшүнүк боюнча: өлгөн адам баруучу о дүйнө, адам өлгөндөн кийин жашоочу тиги дүйнө. *Акырет жайга барганда Качканыңа койбосмун* («Эл адабияты»). *Акыретке барганы* («Манас» С.О.). *Акырет камын жедиңиз* («Манас» С.О.). *Акыретти сүйлөгөн Акылмандар ушубу?* (Токтогул). *Акыретке бет алсам, Атакелеп артымдан Наалып калар бала жок* («Манас»).

**АКЫРЕТКЕ КЕТҮҮ** Өлүү, каза табуу, о дүйнөгө кетүү. *Осокеңдин акыретке кеткенине быйыл төрт жыл болду* («Чалкан»). **В.: Акыретке жөнөө.** *Кесел болуп нечен күн, Акыретке жөнөдү* (Тоголок Молдо).

**АКЫРЕТТИК** Кыйышпай турган, өмүрлүк, ажырашпас. *Акыреттик курбум деп, Арууkeнин саамайын Акырын кармап*

*сылады* («Манас»). *Айныбаймын кошомун Акыреттик теңиңе* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АКЫРЕТЧИЛ** Бирөөдөн кордук көрүп, жапа чегип, ага алы жетпеген кезде, өчүмдү акыретте аламын деп кекенүүчү. *Алы жетпеген акыретчил* (макал).

**АКЫРКЫ** Эң акырындагы, кийинки, соңку, эң аяккы. *Акыркы кабарлар. Акыркы сөз. Июнь айынын акыркы күндөрү* (Каимов). *Бекен акыркы күндөрдө абдан зериккен эле* (Каимов). *Анархандын бүткөн бою дүрүлдөп, кулактары чуулдап, Кайназардын акыркы сөзүн укпай да калды* (Жантөшев).

**АКЫРКЫ СӨЗ** *адаб.* Өзүнүн чыгармасы жөнүндөгү автордун кошумчасы. Маселен, Н.Л. Толстойдун «Согуш жана тынчтыкка» жазган акыркы сөзү.

**АКЫРЧА** Кичинекей акыр, акырдын кичинеси.

**АКЫРЫ** 1. Акыркысы, бүткөн жери, аягы. *Октябрь айынын акыры. Чогулуштун акыры демилгелүү сөздөр менен бүттү* (Убукеев). 2. Акыр түбү; жыйынтыгында, соңунда, аягында. *Акыры атасы баласына моюн сунду* (Акматов). *Акыры мени кечки мектепке которушту* (Каимов). *Ажалым жетип өлбөсөм, Акыры бир күн алармын Керимбайдан өчүмдү* (Токтогул).

**АКЫРЫН** 1. Жай, шашпастан. *Кара терге чөмүлбөй, Жүрбөйсүңбү акырын* (Шүкүрбеков). 2. Бийик чыкпаган басыңкы үн. *Ашыр акырын шыбырап, жылуу алаканы менен келинчегинин бетин сылады* (Сасыкбаев). 3. Эч кимге билдирбей, тымызын, жашырын. *Мен акырын эшикке чыктым* (Жантөшев). *Акырын гана жөнөтүп жиберди* (Байтемиров).

**АКЫРЫНДА I** Акырын болуу, басаңдоо, жайыраак кыймылга өтүү. *Күлкү бир аз акырындай түштү* (Сыдыкбеков). *Машина акырындаганда, чоң жолдон бурулуп, тоого бет алдык* («Ленинчил жаш»).

**АКЫРЫНДА II** Аягында, тыянагында. *Байсалов: Биздин кайрат улана берет, – деди сөзүнүн акырында* (Сасыкбаев). *Акырында кыдырып, Беш-Таштын сайын өрдөдүм* («Ала-Тоо»).

**АКЫРЫНДАП** Аз-аздап, бара-бара, жайлык менен. *Оорулуу бала акырындап көзүн ачып, айланага көз жүгүрттү* («Советтик Кыргызстан»). *Амантур атайы келген жумушун акырындап айта берүүгө өттү* (Убукеев).

**АКЫРЫНДАТ** **акырында I** этишинин аркылуу мамилеси. *Пароход жүрүшүн акырындатты.*

**АКЫРЫНДОО** **акырында I** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫРЫНДЫК** Кыймылы, иштеши, жүрүшү ж.б. жай, акырын болгондук, шашпагандык, жайбаракаттык. *Бул ишке акырындык жарабайт, тез-тез кыймылдабасаң, арбытуу мүмкүн эмес* («Ала-Тоо»). *Вирустар оорулуу адамдын денесинен акырындык менен азая баштайт* («Ден соолук»). *Акырындык менен бүтө турган иш экен да* («Чалкан»).

**АКЫСЫЗ** 1. Бекер, акы төлөбөстөн. *Акысыз жолдомо. Акысыз китептер.* 2. Укуксуз, укугу жок. *Кол көтөрүүгө акысыз. Шайлоого, шайланууга акысыз.*

**АКЫСЫН ЖЕДИРБӨӨ** *к.* **Жемин жедирбөө.**

**АКЫШ** Сүйлөгөнү, күлгөнү менен өзүнө тарта, экилене кылыктаныш, ойсондогон жасалма кылык-жорук.

**АКЫШТАН** Акышын салуу, экиленүү, кылыктануу. *Эмне эле акыштанасың?*

**АКЫШТАНУУ** **акыштан** этишинин кыймыл атоочу.

**АКЫШТУУ** Экиленген, кылыктанган, акышы бар.

**АКЫЮУ** **акый** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛ I** 1. Адамдын, жаныбарлардын кыймыл-аракет жасоо жөндөмдүүлүгү, күч, кубат, дарман. – *Шаштырба, баатыр, шаштырба. Кемпирдин баскан алы ушул* (Сыдыкбеков). *Чарчап турсаң боюңа, Ал болоюн, перизат* (Токомбаев). *Кыраан куштардын бир тобун колго үйрөтүп, алардын алына жараша ар кандай аңга салат эмеспи?* («Чалкан»). 2. Абал, шарт, болгон мүмкүндүк. *Алың кандай, балам? – деди көптөн бери кыйналып отурган жигитке карап* («Ала-Тоо»). *Алыбек алына жараша* (макал). *Ушул алымды жолдошторума билгизбейсизби?* (Турусбеков).

**АЛ II** 1. (анын, ага, аны, анда, андан). Үчүнчү жакты же тарапты билдирүүчү жактама ат атооч. *Ал киши. Ал ким? Ал көргөн жок беле?* 2. Көрсөтүү, шилтөө, белгилөө маанисинде колдонулуучу шилтеме ат атооч. *Ал казанга барууга Элемандын сырттаны, Эми чыкты камынып* («Эр Төштүк»).

**АЛ III** 1. Бир нерсени кол менен кармоо, кармаган абалда болуу, бир нерсени өз тарабына өткөрүү. *Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло, Алымкан* (Токтогул). *Барпы отуз сомдук сары кагазды чөнтөгүнөн алып, Андрейге берди* (Байтемиров). *Колума идиш алып, ошолорго сүт, май издеп барар элем* (Сасыкбаев). *Барганың үчүн акыңды ал, Берейин санап колумдан* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алты күлүк ат алгын, Алакандай кат алгын* («Манас»). *Кат алды. Посылка алды. Телеграмма алды.* 2. Илип мыкчый кармоо (куштарга карата). *Каркылдаган өрдөктү, качырып тийип куш алса* («Олжобай менен Кишимжан»). 3. Соодалап алмаштыруу, ээлөө, сатып алуу ж.б. жолдор менен кайсы бир нерселерге

ээ болуу, менчиктөө. *Мал базардан ат алдык. Магазинден кездеме, кант, чай алдым.* 4. Үйлөнүү, баш кошуу, бүлөлүү болуу. *Ашык болуп жүргөнүн Аламын десе башка адам Адамдын көөнү сүйөбү?* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алган зайбы Чачыкей Ай-күнүнө жетишип, Эркек бала төрөдү* («Олжобай менен Кишимжан»). *Келин алды.* 5. Кабылдоо, ишке коюу, белгилүү бир ишти иштөөгө дайындоо. *Кызматка алды. Саанчылыкка алды.* 6. Кызматтан, белгилүү бир иштен түшүрүү, бошотуу. *Ишти начарлатып жибергендиги үчүн кызматтан алды. Директордуктан алды.* 8. Билген, туйган нерселерди сезимде сактоо, сактай билүү, кармап калуу. *Эске алды. Ойго алды. Көңүлгө алды.* 9. Пайда болуу, толуу. *Арпа баш алган кез. Жүгөрү дан алды. Кызылча тамыр алды. Мал семирип, жон алды. Дарактар мөмө алды.* 10. Бирөө же бир нерсе жөнүндө кеп-сөз кылуу, талкуулоо, сураштыруу. *Суракка алды. Тергөөгө алды. Ыйлаак көрүнгөн жерде сөзгө алып, Ракыяны бура бастырбай убара кылат* (Байтемиров). *Эриккен жолоочулар үчтөн-төрттөн Киришти бирдемени талкууга алып* (Турусбеков). 11. Кандайдыр бир натыйжага ээ болуу, жетишүү. *Биздин колхоз кызылчанын ар гектарынан 400 центнерден түшүм алды. Чабан Жумаев ар бир жүз тубар койдон 120дан козу, ар бир койдон 2 килограммдан жүн алды.* 12. Жеңүү, жеңип чыгуу. *Аламын жоону деп жүрөм, Ар ким мага беттесе* («Эр Табылды»). 13. Кандайдыр бир курал менен чабуу, кесүү, жок кылуу. *Желдеттери баш алды. Устара менен чач алды. Сакал-мурутун алды.* 14. *мат.* Бир сандан экинчи бир санды кемитүү, аны тиешелүү бир санга азайтуу. *Жыйырмадан жетини алса, он үч калат.* 15. Атооч сөздөр менен айкалыша келген бир катар учурларда, ошол айкалышкан сөзүнө байланыштуу болгон абалга өтүүнү, ошондой абалда, көрүнүштө, аракетте ж.б. болууну билдирет. *Байыр алды. Тынч алды. Багыт алды. Орун алды.* 16. Жөндөмөдөгү бир катар атооч сөздөр менен айкалыш келген учурларда, ошол сөзгө байланыштуу болгон тынчсыздандыруу, козгоо абалын көрсөтөт. *Уйкусун алды. Мазасын алды. Тынчын алды.* 17. Көмөкчү этиштик милдетти аткарып, негизги этиштин натыйжасын чыгарат. *Токтосун ашка кетчү чыгымдарды эртелеп эл-журтунан жыйып алган* (Маликов). *Балапан жаш кезинен Багып алган торгой бар* («Олжобай менен Кишимжан»). 18. Атоочтук формада таандык мүчө менен: *алганым (алганың, алганы).* 19. Ээ болуу. *Алганым аман бар бекен?* («Ала-Тоо»). *Жаман болсо алганы, Эрдин элге сөзү бош* («Эр Табылды»). *Азыркы шайыр жаштардын, Өзүндөй болсо алганы* (Турусбеков).

**АЛ-АБАЛ** 1. Ден соолук, саламаттык. *Ал-абалың кандай деп, Гулайым шордуу сурады* («Кедейкан»). 2. Оокат-тиричилик, материалдык турмуш-шарты. *Үстү-башыңарга караганда ал-абалыңар жаман эмес го?* (Ала-Тоо»).

**АЛ-ЖАЙ** Турмуш-тиричилик, ден соолук, ал-абал. *Ал-жайыбызды айтып түшүндүрдүк* («Советтик Кыргызстан»).

**АЛА** 1. Ак менен башка түстөрдүн аралашып келген түсү. *Сатуучулардын башында ала топу, малакай, тебетей* (Баялинов). *Жерге ала шалча жая салынган* (Абдукаримов). Түстү, өңдү көрсөтүүчү бир катар сын атооч сөздөр менен айкашып, ак менен башка түстөрдүн аралашканын, бир өңдүү болбогонун көрсөтөт. *Ак ала. Кара ала. Сары ала. Көк ала. Боз ала. Жашыл ала. Тору ала. Кызыл ала.* 2. Текши эмес, бирдей эмес, чала, ала чокул. *Акшыңдабай жакшы айдагын, Ала таштап жүрбөгүн* (Бөкөнбаев). *Ала кылбай чаңкап турган эгинге Тегиз бурган Жыламыштын сууларын* (Осмонов). 3. Кара ниет, арамза, жаман ойлуу. *Адам аласы ичинде, мал аласы тышында* (макал). 4. Кишинин терисине агарып, ала-була болуп түшкөн тактар (тери оорусу). 5. *өт.* Бир көз караште эмес; бири-бирине каршы. *Айыл ити – ала, бөрү келсе биригет* (макал).

**АЛА** 1. Чат, чаткаяк. *Ат көтөрбөс жөө Жолой Абаңды аласынан албасын. Айра тартып салбасын* («Манас»). 2. Шым, дамбал сыяктуу кийимдердин чаткаякка туш келген бөлүгү. *Азыркы шымдардын аласы чукчуюп, денеге тимеле чыпташып турат* («Адабий Ала Тоо»).

**АЛА БАШ** Оюндун аты.

**АЛА-БУЛА** 1. Бир түстө эмес, бир жери ак, бир жери кара же башка түстөр менен аралашып келген өң. *Ала-була сагызган. Ала-була кездеме.* 2. Бирдей эмес, бир кылка эмес, ар түрдүү. *Мындай ала-була пикир Мамбеткулдун өз үй-бүлөсүнөн да чыкты* (Каимов).

**АЛА БУЛУТ** Асманды текши каптабаган, анда-мында болуп көрүнгөн ак булуттар. *Жамгыр басылса да, асманды ала булут каптап, андан соң жөө туман баса баштады.* (Каимов).

**АЛА БУУРУЛ МАЙ ЧАЧУУ** Кышкы арыктоодон кийин малдын чөпкө тоюнуп, ичек-кардыны ала-була май бүтүп, семире башташы. *Ала буурул май чачып, Оонап кулан оңгондо* («Манас» С.О.).

**АЛА ДӨҢ** Илебин кайтарып, жутуп жиберүү үчүн ылайыкталган, суу же айран кошулган сорпо. *Эттен кийин бир чыныдан ала дөң ичтик* («Ала-Тоо»).

**АЛА ЖАЗДАН** Эрте жаздан, жаз башынан. *Ала жаздан бери күнү-түнү боз кет-*

*пейт* (Жантөшев).

**АЛА ЖАЙДАН** Эрте жайдан, жай башталгандан.

**АЛА ЖИП КЫРКУУ** *аңч.* Алгыр куш, бүркүт агыткан нерсесин ала албай, бир нече ирет жазып калышы кайталаганда ар түрдүү түстөгү жип кыркуу ырымы.

**АЛА ЖИПТИ АТТАБАГАН** Бирөөгө кара санабаган, жамандык ишке барбаган, бирөөнүн бир нерсесин албаган, арамдык кылбаган. *Менин апам өмүрүндө ала жипти аттабаган саакы киши эле* (Каимов). *Ала жипти аттабаган, арам иштерди жасабаган кишилер экенин ырдады* (Осмоналиев). *Элкин келгенсиң, жолуң элкин. Актыгыңа, ала жипти аттабаганыңа бакибиз кепилбиз* (Абакиров). **В.: Ала кылды аттабаган.** *Ала кылыңды аттабаган ак байбичең болоюн деп уул-кыз өстүргөн мен акмакмын, – деди Букен чамынып* (Сыдыкбеков).

**АЛА КАНАТ** *туурасы:* **алаганат**.

**АЛА КАНЧЫК ШЫБЫРГАК** Кар аралаштыра майдалап жааган жаан. *Ала канчык шыбыргак* («Манас» С.О.).

**АЛА КАЧКЫ** 1. Баш бербей, тизгин тарттырбай ээлигип кете берме (минилүүчү унаага карата), *Ала качкы ат. Ала качкы ат минип бастырар алың барбы?* («Ала-Too»). 2. Сөздү ооздон жулуп алып сүйлөмө, туура болсо-болбосо деле сөз бербей жулунуп сүйлөй берме, сөздү башка жакка буруп кетме. *Ала качкы адатыңа салбай айткандай жөндөп угуп тур* («Чалкан»). **В.: Ала качма.** – *Оозу катуу ала качма мал экен* («Ленинчил жаш»). *Ушундай ала качма жериң жаман. Заладан ким аянат? – деп алды алардын арасынан ала качмасы, – ошолор деп жүрөбүз* (Ашымбаев).

**АЛА КАЧУУ** 1. Баш бербей, тизгин тарттырбай, ээлигип алып жүрүп кетүү (жылкыга карата). *Аты бута атым жерге ала качып барып араң токтоду* (Бейшеналиев). 2. Бойго жеткен кызды макулдугуна карап, же карабай деле, ата-энесинен, туугандарынан жашырып алып кетүү. *Ороктун милдетин өз мойнуна алып, Чаргын кызын ала качты* (Сыдыкбеков).

**АЛА КИЙИЗ** Түр салынып жасалган кийиз. *Кадыр ала кийиз, шырдак, көлдөлөңдөрүн көрсөткөндөй колун жая шилтеп койду* (Жантөшев).

**АЛА КОЙДУ БӨЛӨ КЫРКУУ** Бардыгына бирдей, тең болбой, бөлүп-жарып мамиле жасоо, калыстык кылбоо, тең карабоо. *Ала койду бөлө кыркпай, элге тегиз кара. Бирок дале болсо ала койду бөлө кыркып жатабыз* (Сыдыкбеков).

**АЛА КОЛ** Адилетсиз, бардыгына бирдей, тең карабаган, өң карама. *Ала колдордун арасында жашаган экен* («Чалкан»).

**АЛА КОЛДОО** Адилетсиз мамиле кылуу, өң улап мамиле жасоо, тең санабоо, бирдей карабоо. *Ала колдоп кетти, – деп, Артымдан күбүр калбасын* (фольк.).

**АЛА КӨЛӨКӨ** Текши түшпөй, андамында жеринде күн тийип турган көлөкө. *Тоо кыркалары ала көлөкөгө жашынып кооз көрүнүп турат. Күн кеч бешим, тоо ичин ала көлөкө баскан* (Жантөшев).

**АЛА КӨӨДӨН** 1. Барбалактаган ак көңүл, оюнда арамдыгы жок. *Ала көөдөн эр Манас. Капканга кирсе өлөт деп* («Манас»). *Бүгүн бекер теңге, буюмга марыган менен эртең, он эселеп очорулаарын билбеген ала көөдөн элде азбы!* (Бейшеналиев). *Ала көөдөн күрсүлдөп Анжыяндык айры сакал Санжыбек* («Манас»). 2. Мактанчаак, курулай күүлөнгөн, жеңил мүнөз. *Ала көөдөн адамдар, куру дүрмөт мылтыктай* (Үсөнбаев). *Кээ бир ала көөдөндөргө окшоп курулай мактанып, көкүрөк кербеген жигит* (Абдукаримов). **В.: Ала көөдөк.** *Ала көөдөк эмес беле, шордуу?* (Жусупов). *Адам баласынын арасындагы нээти акты аябаган анык ала көөдөк акмактар ушундай топко жатат* (Осмоналиев). **Ала өпкө.** *Апырылтып калп айтып, Ала өпкө болот ары жок* (Токтогул). *Атаң Корум эр эле, Эр көкүрөк, ала өпкө* («Курманбек»).

**АЛА-КУЛА** 1. Бир түстө эмес, ак түс менен башка түстөр аралаш, ала-була. 2. Бирдей эмес, бир кылка эмес, ар түркүн.

**АЛА-КУЛА КӨРҮҮ** Тең санабоо, бирдей мамиле кылбоо, баарына тегиз карабоо. *Өз балдарыңды өзүң ала-кула көргөнүң, тарбия ишин жакшы түшүнбөгөндүгүңдүн белгиси* («Мугалимдер газетасы»). *Бир үйдөгү балдарды ала-кула көргөнүң кимге жаксын* («Ала-Тоо»).

**АЛА-КУЛА КЫЛУУ** Ыркын бузуу, ынтымагын кетирүү. *Ала-кула кылганың, Алардын ыркын бузганың* («Чалкан»).

**АЛА КУРТ** Койдун денесине жабышып алуучу мите курт. *Койлорго ала курт түшө баштаган көрүнөт* (Жантөшев).

**АЛА КҮЗДӨН** Күз башынан, күз башталгандан. *Ала күздөн берки эмгегибиз тийип калар деп жатам* (Жантөшев).

**АЛА КҮЛҮК ЖЫТТАНУУ** Коңурсуган, адамга жагымсыз жыт чыгаруу. *Атыр жытың, баатырым, Ала күлүк жыттанат* (Карачев).

**АЛА КҮҮ алагүү** менен бирдей. *Ишине да демейдегисиндей ала күү болуп барды* (Саатов). *Сагын ала күү бойдон Бакир менен жолго чыкты* (Осмоналиев). **В.: Ала буурул.** *Атам бир аз ала буурул өңдөнөт* («Чалкан»).

**АЛА МОЙНОК** *аңч.* Аюунун бир жашка чейинки мамалагы.

**АЛА МОНЧОКТОО** Буюмга түшкөн ар түрдүү көркөм оюмду жана көчөттү бирибиринен бөлүп, ачык айырмалап, ого бетер

ажарын ачып туруучу оюм-көчөт

**АЛА ӨПКӨ** Ала көөдөн, мактанчаак, менменсип курулай күүлөнмө. *Апырылтып калп айтып, Ала өпкө болот ары жок* (Токтогул). *Атаң Корун эр эле, Эр көкүрөк ала өпкө* («Курманбек»).

**АЛА-САЛА** Дароо, ошол замат, бирден эле. *Ала-сала эмне экенин түшүнгөнүм жок* (Байтемиров). *Бул аксакалдын ким экенин Каныбек ала-сала тааный албады* (Жантөшев). *Ала-сала караганымда ал кишиге да окшободу* (Жантөшев).

**АЛА ТАМАК** Кыргыз кыз-келиндери көкүрөгүнө тагышкан улуттук кооздук, асем буюму. Ала тамак маржан мончоктордон куралып торчо түрүндө жасалган. Бермет, седеп ж.б. менен да кооздолгон. Асты жагында жамбы же тыйын кадалган кыюсу болгон. Желке жактан байланып, көкүрөккө жая тагынышчу.

**АЛА-ТЕЛЕ** Алма-телме, алмак-салмак. *Ал ала-теле ар кимибизге бир карап, биздин көзүбүздөн кандайдыр бир сыр алууга аракеттенгенсиди* (Абдыраманов).

**АЛА ТОПОЛОҢ** Баш аламан, кымгуут, дүрбөлөң. *Учур ушинтип ала тополоң болгондуктан, ар ким кулагын түрөт* (Жантөшев).

**АЛА ТУЯК** 1. Туягында агы бар. *Ала туяк боз жорго, Алдындагы мингени* (Нуркамал). 2. *өт.* Бөлөк, бөтөн, уурдалып келинген же башка жактан бутташып оошуп келген мал. *Ала туяк мал. Казак уурулары менен биригип ала туяк өткөзүшөт дейт* (Токомбаев).

**АЛА ЧОКУЛ** Текши эмес, тегиз эмес, бирдей эмес. *Күздүктүн кээ бир жери жакшы эмес, ала чокул болуп калыптыр* («Ленинчил жаш»).

**АЛА ШАЛБЫРТ** Жаздын алды менен жаап, эрип-эрибей жерде былчылдап жаткан кар. *Кар калыңдап, ала шалбырттап жаап кирди* (Каимов).

**АЛААМАТ** 1. Табигый кырсыктан: катуу бороон-чапкын, сел, суу ташкыны ж.б. пайда болгон коркунучтуу көрүнүш. *Айлана алай-дүлөй түшүп, асман менен жердин арасында алаамат болуп жаткансыйт* (Жантөшев). *Кечээ жер титиреген алаамат иштер болуптур* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Чоң чатак, уруш, салгылашуу. *Жеткилең тууган Музбурчак, Чын алаамат desarда* — 

**АЛААМАТТЫК** **алаамат** дегенге таандык.

**АЛААН: АЛААН ЖҮРҮШ** Жай кыймыл.

**АЛАБ** Жалын. *Түн ичинде алыстан көрүнгөн өрттүн алабындай мала кызыл тартып тыктана баштаган күн чыгыш тарапка саамга тиктеп турду...* (Мавлянов).

**АЛАБАЙРАК** 1. Жол-жол аласы бар колго токулган кездеме. *Алабайрак чапан.* 2. *этн., эск.* Аялы өлгөн кишиге жабыла турган аза чапан.

**АЛАБАРМАН** Анды-дөңдү карабаган, шашкалактаган, өйдө-төмөндү көп байкай бербеген. *Алабарман адамга Акыл айтсаң асты укпайт* (Калык). *Алабарман байкуштун шорун катырган тура* («Ала-Тоо»). *Ала барман адамга Акыл айтсаң тыңшабайт* (Калык).

**АЛАБАРМАНДА** 1. Алды-артын байкабай алабармандыкты көрсөтүп апырандоо. *Начальник мырза, сиз алабармандабай балтаны таптырыңыз!* (Бектенов). *Сапар стройдон алабармандап кыйкыра сүйлөдү* (Таштемиров). 2. Жоргонун бир калыпта жүрбөй, басыгын бузуп жиберген, жүрүшүнөн танып кеткен абалы. *Жорго алабармандап, жакшы салбай койду.*

**АЛАБАРМАНДАН** **алабарманда** өздүк мамилеси.

**АЛАБАРМАНДАТ** **алабарманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАБАРМАНДОО** **алабарманда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАБАРМАНДЫК** Алды-артын байкабай иш кылгандык, алабармандап кетмей адат, апыраңдагандык. *Салык досунун алабармандыгын мурда эле билүүчү* (Каимов).

**АЛАБАТА** Күлүнөн шакар кайнатуучу куурай өсүмдүгү. *Тегерек аянтчаны калдагай жалбырак меңдубана, алабата, шыраалжын баскан* (Бейшеналиев). *Алабата, шор куйрук, Төөнүн жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**АЛАБАТАЛУУ** Алабата чөп чыккан, алабата баскан. *Алабаталуу аянтка келгенде кайтадан жок болуп кетти* («Советтик Кыргызстан»).

**АЛАБУГА** Муунак-муунак темгилдүү, астыңкы канаттары кызгылтым болгон, тузсуз сууда жашоочу балык.

**АЛАГАЙ** Бакыракай, алайган (көз). *Алагай көзү жумулуп, Акырет көздөй жол тартып* («Манас»).

**АЛАГАН** Алып көнгөн адат. *Алаган колум береген* (макал).

**АЛАГАНАТ** Мүнөзү жеңил, алабарман. *Алаганат жигитке, Кылтыңдаган кыз жакшы* (фольклор).

**АЛАГАР** Көздөрү алайган, бакырайган. *Арык чырай келген ак жүзүнө жарашкан алагар көзү айрыкча өткүр учурайт* (Абдыраманов). *Алагар көзү чолпондой, Ай кулагы калкандай, Бендеден артык шер ошол* («Манас»).

**АЛАГДЫ** Ойдун, санаанын башка нерсеге бөлүндү болушу, алаксыгандык. *Кепке коноктор ынталуу, бирок айылдын ээлери эмнегедир алагды болуп, сөз кызыган жок* (Каимов). *Карып Алымкулду башка сөз*

*менен алагды кылмакчы болду* (Абдукаримов).

**АЛАГДЫЛАН** Алагды болуу, ойдун бир жерге топтолбогон абалы.

**АЛАГДЫЛЫК** Оюу, көңүлү бөлүндү болуп, бир жерге топтоло албагандык. *Куду сендей кашын чийген кыз көрсөм, Мүнөзүмдөн алагдылык сезилет* (Токомбаев).

**АЛАГЕЖИР** *диал.* Башкалардын айтканына такыр көнбөгөн мүнөз.

**АЛАГҮҮ** 1. Токойдо жашоочу жапайы көгүчкөндөрдүн бир түрү. *Алда кайдан алагүүнүн зикири угулат* (Жантөшев). 2. *өт.* Чала мас. Ичкиликке кызып, мастыкка жете элек, бака-шака түшүп калган абал.

**АЛАГҮҮНҮН ЗИКИРИ** Тоо көгүчкөнүнүн сайраганы. *Анда-санда гана алда кайдан алагүүнүн зикири угулат* (Жантөшев).

**АЛАДУНГАН** *туурасы:* **аладуңкан**.

**АЛАДУҢКАН** Борбаш сыяктуу ала чымчык. *Аладуңкан, көк тамак, Айтылып өтсүн бир сабак* (Тоголок Молдо).

**АЛАДУУ** Гүрү-гүү, ызы-чуу. *Ал аңгыча асманды, Аладуусу басканбы* (Дүйшеев).

**АЛАЙ** 1. Көздөрүн бакырайтуу, корккондо же бир нерсеге таң калганда көздөрү чанагынан чыгып, бакырайган абал. *Өрттөнгөн сандыкты көрүп Мырзабайдын көзү алая түштү* (Абдукаримов). *Көзү дагы алайып кетти* (Байтемиров). 2. Жактырбай, жаман көрүп көздөрүн акырайтып кароо, кекете кароо. *– Ой, кыз, атың ким ыя? – деди эле, кыз анын оройлугун жактырбады көрүнөт, Салиманы алая карап алып, кабак чытып жүзүн бурду* («Ала-Тоо»). *Жакып мойнун буруп уулун алая карап калды* (Бейшеналиев). 3. Өңүнөн азып арыктаган, көздөрү бакырайып, чоң болуп көрүнгөн абал. *Акунжандын жаактары шылынып, өңүнөн азып, көздөрүнүн агы чыгып, алайып калыптыр* (Байтемиров). *Аргасыз алсыз баланын алайып көзү жайнады* (Осмонкул).

**АЛАЙ-ДҮЛӨЙ** Уйгу-туйгу соккон катуу шамалдуу бороон-чапкын, жаан-чачын. *Бир күнү алай-дүлөй бороон болду* (Бөкөнбаев). *Аңгыча алай-дүлөй түшүп, кар бурганактай баштады* (Бөкөнбаев). Ч. Айтматов тажик режиссеру Б. Садыков менен «Алай-дүлөй» киносунун сценарийин жазган.

**АЛАЙТ алай** этишинин аркылуу мамилеси. *Көздөрүн алайтты.*

**АЛАЙЫНДА** *диал.* Жеке, өзүнчө, бөлөк, өзүнчө бөлүнүп. *Раис атамын сөзүн тымызын жактаган болуп койдук да: – Мырзакул акем экөөбүз алайында сүйлөшүп, ойго келишип алабыз* (Жантөшев).

**АЛАК: алак-алак** Көздөрүн алаңдата караган элести билдирүүдө колдонулат. *Яша көзүн алак-алак эттире ыктытып койду* (Жантөшев).

**АЛАКА** Мамиле, байланыш, карым-катыш. *Менин алакам жакшы жер – жалгыз айыл советинин кызыл үйү* (Касымбеков). *Алака кылса ач көзгө, Алганын кайра бербеген* (Жеңижок).

**АЛАКАНАТ алаганат** менен бирдей. *Жел өпкө, ала көөдөн, алаканат – үчөө тең бир мүнөздөн орун алган* (Тоголок Молдо).

**АЛАКАЙ алагай** менен бирдей.

**АЛАКАЙЫР** Алай-дүлөй, уйгу-туйгу, бурганак. *Дүйнө астын-үстүн түшкөндөй алакайыр* (Элебаев).

**АЛАКАН** 1. Колдун манжаларга чейинки ички жайык бети. *Гүлнара мектептин бурчунда алаканы менен бетин басып ыйлап турган* («Жаш ленинчи»). *Үшүп, кыпкызыл болуп кеткен кулактарын алакандары менен басып жылыткан болот* (Байтемиров). 2. Камчынын өрүлгөн бөлүгүн сабына жалгап бекитиш үчүн ылайыкталган жазы кайыш. *Камчынын алаканы.* 3. Ууктун керегеге жалгап байлоого ылайыкталган түп жакќы бөлүгүндөгү жазы, жалпак бети. *Ууктун алаканы.*

**АЛАКАНГА КӨТӨРҮҮ** Ардактап, эч нерседен кем кылбай, алпештеп асыроо, аябай көзүн карап өстүрүү. *Айтпадым беле мен сени алаканыма көтөрүп багам, деп* (Байтемиров). *– Аны мен алаканыма көтөрөм, – деди Акунжан* (Байтемиров). **В.: Алаканга салуу.** *Ал дагы бирөөнүн алаканга салып ардактаган жалгызы* («Ала-Тоо»). *Жашынан карысына чейин алаканына салып бөпөлөп отурушат* (Осмоналиев). *Аны мен алаканыма салып багам* (Байтемиров).

**АЛАКАНГА САЛГАНДАЙ** Дап-даана, ачык-айкын, белгилүү. *Ошол үйүнүн эшигинде туруп алып алаканга салгандай көрүнгөн Ош шаарын суктана карачу* (Борбиев). *Бул жерден Ысык-Көл, өз айылы алаканга салгандай бүт көрүндү* (Абдукаимов). *Кыргыз филармониясынын элүү жылдык өмүрү көз алдымда алаканга салгандай чубуруп өтүүдө* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Алаканда тургандай.** *Алардын бардыгы мен үчүн алаканда тургандай. Чочулаба, иш жайында болот* («Чалкан»).

**АЛАКАНДА** 1. Алакан менен басуу, ушалоо, сылап-сыйпоо. *Алакандап эшүү. Сатар... чөп башын алакандап сылай жапырып баратат* (Бейшеналиев). 2. Камчыга алакан салуу, алакан аркылуу өрүлүүсү менен сабын жалгаштыра бекитүү.

**АЛАКАНДАЙ** Кичинекей, аз, биртике. *Алакандай арыз жазып бериңиз* (Абдукаримов). *Береги алакандай жедигер, Мунун убалы сообу болобу?* («Сейтек»).

**АЛАКАНДАЛ алаканда** этишинин өздүк мамилеси. *Эликтин шыйрагына алакандалган ичке камчысынын былдыргөсү, Нуркасымдын оң колунун ортонуна илинди* (Сыдыкбеков).

**АЛАКАНДАШ алаканда** этишинин кош

мамилеси.

**АЛАКАНДЫН ОТУНДАЙ** Кичинекей, кенедей. *Аңгыча бир алакандын отундай, күн желесиндей түркүн түстүү, көз жоосун алган калкан көпөлөк алардан нарыраак калды* (Абакиров). *Алакандын отундай сары барактар* (Жусупов). *Алакандын отундай жерге таруу айдаган.*

**АЛАКЕТ** Убаракерчилик, машакат, түйшүк. *Чаргын катуу алакетке түштү* (Сыдыкбеков). *Өмүрдүн сан алакет жоругунан, Бир жолу кутулганбыз убайымдан* (Элебаев).

**АЛАКЕТТЕН** Убараланув, машакатка түшүү, катуу түйшүк тартуу. *Айганыш менен алакеттенип шашып жаткан Акия бул кепти уккан жок* (Сыдыкбеков).

**АЛАКЕТТЕНТ алакеттен** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАКЕТТЕНҮҮ алакеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАКСУУ алаксы** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАКСЫ** Көңүлдү, ойду башка бир нерсеге буруу, мурдагы ойлогонун унутуп коюп, алагды болгон абал. *Урааның чыксын Манастап, Унутуп калба алаксып* («Эр Табылды»). *Биз эч нерсеге алаксыбай, кыйшактап жалакайланбай терсек, сөзсүз, жеңишке ээ болобуз* («Ала-Тоо»).

**АЛАКСЫТ алаксы** этишинин аркылуу мамилеси. *Сөзгө алып, алаксытып аз да болсо, Көрөйүн жеңилдетип баскан жүгүн* (Үмөталиев). *Алаксытып Баланы, Адаштырып алайын* («Эр Табылды»).

**АЛАКТА** Элең-элең этүү, көздөрдү алаңдатуу, корккондугунан, шашканынан элендеп эки жагын каранган абал. *Алактап кирип барганда, Аңтара коюп салбасын* («Манас»).

**АЛАКТАТ алакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАКТОО алакта** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАКЧЫ** Алдамчы, жалган, баарына бирдей эмес. *О, алакчы дүйнө, кыздар не мынча кем, мынча кор, – деди Батийна* (Сыдыкбеков). *Жети күндүк алакчы, Арбын дүнүйөм ээн калды* («Эл адабияты»).

**АЛАКЧЫЛАТ алакчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАКЧЫЛА** 1. Билгизбей жашыруу, эч кимге туйдурбоо. *Алакчылап сүйлөш.* 2. Баарын бирдей көрбөй, бөлүп-жаруу, бирин артык, бирин кем көрүү. *Башка койлордон алакчылап, өзүнчө жем берилген койлор арпа, күнжара, улпак аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев).

**АЛАКЧЫЛОО алакчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАЛ адал** менен бирдей. *Алал жүргүн балдар деп, Акыл айтып какшанам* (Токтогул).

**АЛАЛЫК** 1. Бир түстө болбогондук, ала-була болуп тургандык, текши эместик. 2. Ынтымаксыздык, душмандык, кастык. *Айылды алалык бузат, досту каралык бузат* (макал).

**АЛАМ I** *диал.* Шашылыш, ашыгыш.

**АЛАМ II** Таарыныч, капа. *Алам кылуу. Аламыма чыдабай, Айттым казал бир салам* («Эл адабияты»).

**АЛАМ СААТ** Дароо, тезинен, арыдан бери, көз ачып жумганча. *Түпкүлүгүндө ар бир адамга тигил, же бул түшүнүк калыптанары бышык, бирок, ал алам саатта эле боло койбойт* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Алеки саат.** *Күлүк кыял Абазды тоонун үстүнө алеки саатта жеткирди* («Ала-Тоо»). *Асылкандын өңү алеки сааттын ортосунда бозоро түштү* (Бектенов).

**АЛАМ УРУУ** 1. Шаштыруу, шаштысын кетирүү. 2. Атырылуу, атырыла тийүү. *Алам уруп агылып* (Бөкөнбаев).

**АЛАМАН** 1. Туш келди, бет алды чабуул, тополоң. *Аламан чаап дуу болуп, Ач айкырык чуу болуп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алманбет шумдун соңунан Аламан коюп жөнөйүн* («Манас»). *Аламан жүргөн жаш карып* («Эл адабияты»). 2. Бүткүл эл, көпчүлүк журт. *Жакшы менен кары айтат, Жалпы аламан баары айтат* («Манас»). *Кылычынын мизинен Кыргын тапты аламан* («Курманбек»). *Аламанды күйгүзүп, какшаткандан болбогун* («Эл адабияты»).

**АЛАМАН БАЙГЕ** Каалаган адамдардын бардыгы өз атын кошо берүүгө боло турган ат чабыш, жарыш. *Тыйын эңмей, кыз куумай өңдүү улуттук оюндардан кийин аламан байге башталды* («Кыргыз Туусу»).

**АЛАМАН ТИЙҮҮ** *аңч.* Алгыр куш, бүркүт агыткан нерсесин түз барып качырып албай, солгун качырып тийүү, алуу.

**АЛАМАН УРУШ** Көчмөн элдердин пайдаланган атайын согуштук ыктарынын бири, жоону жапырт каптоо, жоо менен аралашып кармашуу. *Аламан коюп калыптыр* («Манас» С.О.).

**АЛАМАНДА** Тартипсиз опур-топур болуу, тополондоо, баш аламан сүйлөө. *Кимди ким көрдү, аламандап кыйкырып, солдаттарды качырып сала бердик* (Баялинов). *Акырындап сыр сура, Аламандап сүйлөбөй, Акылыңды бек кура* (Токтогул).

**АЛАМАНДАТ аламанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАМАНДОО аламанда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАМАЧ** Шырдактын ортолук оюму менен жээк оюмун бөлүп туруучу түр.

**АЛАМДАР БОЛУУ** Ыза болуу. *Ак уруп сизге жеталбай, Аламдар болдум ырасы* («Эл адабияты»).

**АЛАҢ I алагды** менен бирдей. *Иш ме-*

*нен алаң болуп жүрүп унутуп калдым* («Ала-Тоо»).

**АЛАҢ II: алаң-алаң** Корккондо, чочуганда, ачууланганда ж.б. көздөрүн алактаткан көз карашын билдирүүдө колдонулат. *Алаң-алаң этесиң, Эми качан жетесиң* (фольк.). *Алаң этип карап койду. Алаң-алаң кароо.*

**АЛАҢ КӨЗ** Алагай көз, бакырайган көз. *Алаң көз киши. Алаң көз бала.*

**АЛАҢГАЗАР** Алды-артын ойлобогон, аңкоо, ала көөдөн, жеңил мүнөз, шашкалак. *Же көпкөлөң, алаңгазар шайтандай. Эч максатсыз сызып кетип калгандыр* (Токомбаев). *Акылы кем алаңгазарга киши акылы эм болбойт да* (Сыдыкбеков).

**АЛАҢГАЗАРДЫК** Алды-артын ойлобой иш кылгандык, ар нерселерди аңдап баамдай албагандык, шашкалактык, мүнөзү жеңилдик. *Студенттин кызууланганы алаңгазардыкка жатат* (Бейшеналиев). *Мурда мынчалык экенин кирип-чыгып жүрүп элес албаган алаңгазарлыгына өкүндү* (Үсөн).

**АЛАҢГАЗАРЛЫК алаңгазардык** менен бирдей.

**АЛАҢГИР** 1. Жаа, саадактын бир түрү. *Алыша келсе тим жатпай, Алаңгирди саларбыз* («Манас»). 2. *өт.* Бүлүк, кыйраган, чатак. *Ал Анаркайда кой багып жүрөт. Бир күнү келет да ачкычты колуна алат. Бир жери мандем болуп калсынчы, аябай алеңгирди салат* (Байтемиров).

**АЛАҢДА** Алая кароо, алаң-алаң этүү, корккондо же ачуусу келип каардангaнда көздөрүн акырандатып караган абал. *Карыптын көзү алаңдап, Салиманы издегенсийт* (Абдукаримов). *Отрядды көргөндө Алаңдайсың, басмачы* (Барпы).

**АЛАҢДАТ алаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАҢДОО алаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАҢКАЗАРЛЫК** *к.* **алаңгазардык.**

**АЛАП I** Майда тууралган чөпкө арпа, улпак аралаштырып жасалган тоют, жем, борго байланган малдын тоюту. Түрдүү тоют аралашмасы.

**АЛАП II** Дарыянын, өзөн сууларынын куймалары менен бирге алгандагы жалпы аймагы. *Кара-Суу дарыясынын алабы. Ак-Буура дарыясынын алабы.*

**АЛАП-ЖЕЛЕП** Делебеси козголуп, толкунданып кубанган абал. *Бала катты окуп алып алап-желеп болуп сүйүндү* (Бөкөнбаев).

**АЛАП-ШАЛАП** Абдан жете, жеткире. *Алап-шалап тойдук.*

**АЛАПАЙЫН ТАППОО** Эмне кыларын билбей айласы кетүү, шаштысы кетүү, алдастоо, далбасалоо. *Алапайын таба албай, Элеман эми ыйлады, Өлүүгө жанын кыйбады* («Эр Төштүк»). *Бошкой Байымбеттен канткенде өч алуунун алапайын таппай ызырынганы чексиз* (Бейшеналиев). *Алапайын таба албай, Качып жүргөн мындан көп* («Манас»).

**АЛАПТА** 1. Ашып-ташып кетүү, ташкындоо (сууга карата). 2. Көңүл көтөрүлүп алеп-желеп болуу, толкундануу. *Алаптаган коң төрө, Нардай болгон кара аттын, Сооруга башы шылк этип* («Манас»). *– Апа! – деди, алаптаган улан, – таңында аттансам, Кара-Коо базарынын коногуна бара алар бекемин?* (Өмүрбаев). *Айтор, сүрдөчүдөй чекеси нымшып, жүрөгү алаптайт* («Ала-Тоо»).

**АЛАР** Үчүнчү жакка айтылуучу ал деген жактама ат атоочтун көптүк сандагы формасы. *Эртеси алардын асты ашууну ашып, бетке түшөт* (Убукеев). *Алар бул жерге... шагыл таштар менен кумдарды ташууда* (Ленинчил жаш»).

**АЛАРМАН** Ала турган, алуучу, сатып алуучу. *Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп* (макал).

**АЛАС-АЛАС** *миф.* Нооруз майрамында же кадыресе эле күндөрдө арча түтөтүп, үйдүн ичин анын түтүнү менен каптатып ооруну, ар кандай кырсыкты айдап чыгуу ырымын кылууда айтылуучу сөз. *Алас-алас, балакеттен калас!*

**АЛАСА** Бирөөдөн өндүрүлө турган карыз. *Бирөөдө аласасы боло калса, Айтпастан өтүп кетет берип салам* (Тоголок Молдо). *Жөн туруп аласа болбо* (макал).

**АЛАСАЛ** Астын-үстүн болуп, аңтарылып кетүү, башы ылдый болуп оодарылып жыгылуу, конторулуп түшүү. *Бирөө түртүп жибергендей эки-үч аласалып кетти* (Таштемиров). *Ээрчий түшүп аласалган чымдарды Нурбай айтты: – Жер силкинтет салмагы* (Токомбаев). *Душман эки-үч аласалып барып тыбырай баштады* (Сасыкбаев).

**АЛАСАЛДЫР аласал** этишинин аркылуу мамилеси. *Кур бышты чарк тегеренип, көчүгү менен чалды аласалдырып жиберди* (Касымбеков).

**АЛАСАЛУУ аласал** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛАСТА** 1. Арча түтөтүп, үйдүн ичине анын жытын чыгарып, ар кандай кырсыкты, ооруну айдап чыгаруу ырымын кылуу, дубалоо. *Аластап жибер! – деди Ороз Жумага* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Четтетүү, жоготуу, жоюу. *Аластап чирик-эскини, Кайнады эмгек жык толду* (Бөкөнбаев).

**АЛАСТАЛ аласта** этишинин туюк мамилеси. *Андайлар бизден жеңилип, Аласталды терилип* (Маликов).

**АЛАСТАТ аласта** этишинин аркылуу мамилеси. *Ант урганды, кутурганды, душманды, Аластатып арабыздан чыгарган* (Тоголок Молдо).

**АЛАСТОО аласта** этишинин кыймыл

атоочу.

**АЛАТ КҮН** Катуу капа болгондо, кейигенде же коркуп, чочуп кеткенде айтылуучу сөз. *О, алат күн десе, ал чолок этектин кеткени качан!* («Чалкан»). *Атаны алат күн ай-я! Эми эмне кылмакчымын!* («Ала-Тоо»).

**АЛАТААР** *эск. этн.* Жыл кургакчыл болуп кеткенде жараткандан жамгыр тилеп, жаш баланын ыштанын шыпырып көчүгүн асманга каратып, жамгыр тилеп табынуу салты (ишеними).

**АЛАТАК, АЛАТКАК** 1. Адамдарга зыяндуу жомоктук-мифтик жандыктардын жалпы аталышы. 2. Кээде жапайы адам, же жапайы эл маанисинде да айтыла берет. *Алатактан дейсиңби* («Манас» С.О.) *Алаткак журту дагы бар* («Манас» С.О.).

**АЛАТЕЛЕК** Бир жери ак, бир жери кара көрүнүш, анда-мында, ар кайсы жерде, алабула. *Тоонун жака белинде гана алателек кар жаткан* (Турсунов). *Тескейдин кары алателек болуп, күнгөй беттеринен көк жыттанат* (Сыдыкбеков). *Жер алателек болуп көлөкөгө капталды* (Бейшеналиев).

**АЛАЧА** Жибек катыштырылып согулган ала-була кездеменин бир түрү. Мындан кийим тиккен, жууркан жасаган. *Алача төшөк, чыт көрпө, Басып өттүм, Самаржан* (Эл ырлары).

**АЛАЧАКМАК** Бирде караңгы, бирде жарык.

**АЛАЧАКМАКТАН** Оорудан, сезимдик катуу таасирден ж.б. айлана бирде көрүнүп, бирде көрүнбөгөн абал. *Көзү алачакмактанып, делебеси ымыр-чымыр болуп эчтекени сезбей калды* (Турсунов). *Корккондо көз алачакмактанат.*

**АЛАЧЫК** Боз үйдүн уугун жерге сайып, же эки канат керегенин баштарын тирештирип, үстүнө тутуу жаап, же болбосо чабак жыгачтардын башын байлап, үстүнө чөп ж.б. нерселерди жаап жасалган кепе. *Сайма алачык. Чөп алачык. Кан үйүнүн тардыгы ай, кара алачыгымдын кеңдиги ай* (макал). *1860-жылдын күзүндө Сатылгандын алачыгы кубанычка толду* (Бөкөнбаев).

**АЛАША** Сулуу, кооз, көркөм. *Алаша келин, сулуу кыз. Алмалуу булак алаша, Алмасы түшөт жанаша* (фольк.).

**АЛАЮУ алай** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛБА I** Алып кетпөө, тийбөө.

**АЛБА II** *туурасы:* **халба**. *Албаны Аким жеди, таякты жетим жеди* (макал).

**АЛБА-ДАЛБА** Дал-дал болуп айрылган, самсаалаган. *Сыяданын жыртылган эски бешманты алба-далба* (Сыдыкбеков). *Албадалба чепкени, Кийгендер кантип эптеди* (Шүкүрбеков).

**АЛБААЛИ** *диал.* Алча, жемиши.

**АЛБААЧЫ** Майда-барат буюм-терим, таттуу, кургатылган жер-жемиш саткан майда соодагер.

**АЛБАГАНДЫК** 1. Албай койгондук. *Эч нерсе албагандыгын айтып, актанып кирди* (Макенбаев). 2. Көңүл бурбагандык, моюн сунбагандык. *Айганыштын жанараак айткан сөзүн элес албагандыгына катуу өкүндү* («Ала-Тоо»).

**АЛБАЙ** Калдайып чоң болуп көрүнүү. *Астыңкы эрди албайып, Үстүңкү эрди далбайып, Котур нардай дардайып* («Сейтек»).

**АЛБАЙТ албай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛБАЛЫ албаали** менен бирдей.

**АЛБАН** 1. Ар кандай, нечен түрдүү, ар кыл. *Барпы ырчыда албан ыр, Басташа албайт жалган ыр* (Байзаков). *Албан-албан күлүк бар, алына карай жүгүргөн* (макал). 2. Күчтүү, албеттүү, алп. *Албанга алсыз тиеби?* («Ала-Тоо»). *– Ой, Кетмен-Төбөнүн албан арстандары* (Токомбаев).

**АЛБАН-СУБАНДАЙ** Олбурлуу, албеттүү, чың денелүү (адамга карата). *Албан-субандай жигит.*

**АЛБАНДАР** *ж. с.* **албан**. Албаниянын негизги калкын түзүүчү эл.

**АЛБАНДА** Салбыраган кейипте жүрө берүү, өз боюн тыкан алып жүрбөгөн абал.

**АЛБАНДАТ албаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛБАНДОО албаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛБАР** Көрүнүшү начар, кейипинен кеткен.

**АЛБАР ТОТУ** Тибет-монгол жылкысынын тукуму. Кичине бойлуу, суукка чыдамдуу жылкы. *Албар тоту мингени* (Абакиров).

**АЛБАРДАН ТАЙГАН** Жүдөгөн, кейпи кеткен, салбырап самсаалап турган. *Арыпачып, сакалдары өсүп, албардан тайган Казактын көрүнүшү аянычтуу эле* (Сыдыкбеков).

**АЛБАРДУУ** Алсыроо, начарлоо, алы кеткен абал. *Албардуу мерген жетпеген, Адырдан кийик көрүнсө, Бирөө тирүү кетпеген* («Эл адабияты»).

**АЛБАРДЫ БОЛ албардуу** менен бирдей. *Албарды болуп жаныбар, Чалкуйрук келди чаалыгып* («Эр Табылды»).

**АЛБАРС** 1. Таза болот, болоттон жасалган өтө курч курал-жарак. *Албарс кылыч колунда, Каршы-терши кайсалап* («Манас»). *Албарс болсун жабдыгың, Шилтегенди кескендей* (Осмонкул). *Кызынан жооп тийгенден кийин усталарды жыйдырып, ат башындай алтын сандык соктуруп, ичине албарс кылыч салып берди* («Эл адабияты»). 2. Уу дарынын бир түрү (мисалы, хлордуу сымаптан жасалган өтө уулуу порошок, суүда тез эрий турган азот кычкыл күмүш ж.б.). *Албарс менен күчала, Сур куйрукка ачытты* (Тоголок Молдо).

**АЛБАРСТЫ** 1. *миф.* Уктап жатканда көрүнбөй келип басып калуучу, муунтуп коюучу аял кебетелүү, чачы саксайган жинпери. *Албарсты жөнүндө жомок айтар эле апабыз* (Шүкүрбеков). – *А балким, ал албарстынын отудур, – деди Аманкул* (Абдукаримов). 2. *өт.* Чачы саксайган, үстүбашы салбыраган (кыздарга, аялдарга карата).

**АЛБЕТТЕ** Айтылып жаткан ойду же бир нерсеге байланыштуу жыйынтыкты тактоо, ырастоо, бекемдөө маанисинде колдонулат. *Эгерде атты достугу үчүн берсе, анда, албетте, чоң иш кылганы* (Каимов). *Председателдик, албетте, оюнчук эмес* (Убукеев).

**АЛБЕТТҮҮ** Москоол кебетелүү, күч-кубаттуу. *Анарбай аке узун бойлуу, албеттүү адам* («Ала-Тоо»). *Алымкул албеттүү келген нооча жигит* (Абдукаримов).

**АЛБУУТ** 1. Кой-айды билбей чамына берме долу, бейжай ачуулуу. *Датканын энеси албуут кемпир эле* (Токомбаев). *Энем ашкан албуут, жаактууга жай бербеген кара сур киши* (Жантөшев). 2. *өт.* Жай албаган, тынч албаган, ээликме. *Албуут кыял. Албуут жүрөк.*

**АЛБУУТТАН** 1. Бейжайлануу, долулануу, буркан-шаркан түшүп чамынуу. *Албууттанып, туралбастан тынч алып, Айрым инсан жолун тосту бут чалып* (Байзаков). *Жигит да кабагын түйүп, албууттанып айтыша кетти.* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Тынч албай уйгу-туйгу болуу, толкуу. *Албууттанган ак бороон чамынып, кара түндү көкүрөккө соккулайт* (Жакыпбеков). *Албууттанып аккан дарыяны бойлото жаңы кыштак түштү* («Ала-Тоо»).

**АЛБУУТТАНДЫР албууттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛБУУТТАНУУ албууттан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛБУУТТУК** Албуут кишиге таандык сапат. *Албууттугуна салып жеңбесе, анын док кылгыдай жөнү жок* («Ала-Тоо»).

**АЛБЫН** Оорунун ээсин кубалап жетүү максатында түтөк болгондо айтылуучу дарым. *Албын сөздү укканда, Жыйрылып боюм бүрүштү* («Эл адабияты»). *Албын айтып эмдешип, Аттанып бери кел дешип* («Эр Табылды»).

**АЛБЫНДА** Албын айтып дарымдоо.

**АЛБЫНДАТ албында** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛБЫНДОО албында** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛБЫР** Кызарып чыгуу, кызарып кетүү (бетке карата). *Колуна кат тиери менен Жамийланын бети албыра түшүп, шашылып окуй баштайт* (Айтматов). *Жылдызкан жанагыдай суз эмес. Жүзү албырып, жадырапжайнап күлүмсүрөп турат* (Байтемиров).

**АЛБЫР-САЛБЫР** Тамтыгы кеткен, жыртыгы көп, арбын жамачылуу.

**АЛБЫРТ албыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Алкымың алды бүчүңөн, жеңе, Албырткан жанды күчүңөн, жеңе* (Осмонов).

**АЛБЫРТТА** Жалбырттап алоолонуу. *Туташып албырттаган жалындайсың, Аарынын гүлдөн чыккан балындайсың* (Шимеев).

**АЛБЫРТТАТ албыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛБЫРТТОО албыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛБЫРУУ албыр** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛГА** 1. Алды жакка, илгери карай, бет алган жакты көздөй. *Командирден команда болгондо алга жүгүргөн солдаттар* (Баялинов). *Ашыккансып алга умтулат денеси, Алыс жерден мага колун созгондой* (Нуркамал). 2. Өнүгүү-өсүү багытын көздөй, алдыңкы катарга, биринчиликке. *Практика илимди алга карай жылдырып турат* («Кыргыз туусу»). *Колхозду алга сүрөгөн, Планын бүтпөй күлбөгөн, Биздин адил башкарма* (Осмонов).

**АЛГАЛАТ алгала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛГАЛА** 1. Алдыга карай жүрүү, умтулуу, илгерилөө, алга карай басуу. *Тырмалап алар дагы алгалашат, Ат менен өгүз кандай бирдей басат* (Токомбаев). *Алгалап ошол майданда, Атакем жүрөт менин дейт* (Бөкөнбаев). *Алгалайм алда жүрөм чоң согушта* (Мидин). 2. «Алга!» «Алга!» деп чакырык кылуу, ураан таштоо. *Алгалагыла! Жоокерлерге дем болсун* (Абдукаимов).

**АЛГАЛОО алгала** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛГАНСЫ** Алгандай болуу. *Ай-ааламды бир кучактап алгансыймын* (Өмүрканов).

**АЛГАЧ** Адегенде, ириде, биринчи жолу. *Алгач ага көрсөтүп, анан Сабыр менен Ташбайды чакырайын дедим* (Сыдыкбеков).

**АЛГАЧКЫ** Байыркы, баарынан мурдагы, биринчи, адегендеги, баштапкы, илгерки. *Алгачкы адам. Данияр келген алгачкы күндөрү андан согушта болгон окуяларды угам го деп күтүп жүрдүм* (Айтматов). *Духовой оркестр үчүн да алгачкы чыгармалар пайда болду* («Ала-Тоо»).

**АЛГЕБРА** Математикалык илим, ариптер менен белгиленүүчү чондуктардын теңдөө, бөлүү, көбөйтүү сыяктуу жалпы закондорун сандык маанисине карабастан чыгаруу, изилдөө жолдорун үйрөтүүчү атайын бөлүм. *Алгебра сабагынын натыйжасын угузду* («Мугалимдерге жардам»).

**АЛГЕБРАЛЫК алгебра** дегенге таандык. *Алгебралык туюнтмалар. Алгебралык формалар.*

**АЛГОО** Унаа күчү менен же өздөрү бирибирине кол кабыш кылуу жолу менен көрсөтүлгөн өз ара жардам.

**АЛГООЛОШ** 1. Айыл чарба иштеринде (мис. кош айдоо убагында) өз ара жардамдашып, бири-бирине көмөк көрсөткөн аракет. *Айдады алгоолошуп конок, таруу* (Токомбаев). *Алгоолошуп кош айдоо маселеси коюлган* (Байтемиров). 2. Кезектешүү, улам кезекти алмаштыруу. *Капитан Каныбектер менен алгоолошуп араа тартыша баштады* (Жантөшев). *Эми өзүң келипсиң, алгоолошуп адал иште, чырагым* (Турсунов).

**АЛГООЛОШТУР алгоолош** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛГООЛОШУУ алгоолош** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛГОРИТМ** *мат.* 1. Орто Азия математиги эл-Хорезмдин арабча эсебин латынча берилүүсүнөн чыккан эсептерди чечүү маселелеринин далилдениши. 2. *комп.* Баштапкы берилиштерден алынуучу жыйынтыкка алып келүүчү эсептөөчү процессти аныктаган так көрсөтмөлөр.

**АЛГЫ I** Тамыры тамакка жумшалуучу жапайы өсүмдүктүн бир түрү. *Өзгөчө көктөмдө тоодон алгы казып, мандалак казып жеп, жалаң ошону менен гана оокат кылгандар болду* (Айтматов).

**АЛГЫ II** Алдыңкы, алды жаккы, алды жагына келүүчү. *Алгы сөз.*

**АЛГЫ-БЕРГИ** Өз ара алыш-бериш. *Алгы-берги тууралу, Алты күнү токтолду* (Тоголок Молдо).

**АЛГЫЛЫК** Алгылыктуулук, жарактуулук, бир нерсеге жарарлык. *Алгылыгы жок туруп, дардайып мактана бергенин көр!* («Чалкан»).

**АЛГЫЛЫКТУУ** Бирдемеге жарагыдай, жакшы, баалуу жактары бар. *Үстүндө алгылыктуу кийими да жок* (Жантөшев).

**АЛГЫЛЫКТУУЛУК** *к.* **алгылык**.

**АЛГЫР** 1. Көргөнүн жаза кетирбеген, куткарбаган кыраан, алгыч. *Алгыр куштар менен ууга чыгуу Кыргызстанда традициялуу улуттук спорт болуп эсептелет* («Ала-Тоо»). *Аңчы болгон кишиге, Алгыр тайган, куш жакшы* (Токтогул). *Теректин сындуу чынары, Куштардын алгыр тынары* (Барпы). 2. Кыйын, ишмер, айлалуу, илекер. *Ырдабай кантип коёмун. Эмгектин алгыр балдарын* (Сасыкбаев).

**АЛГЫР КУШТАР** *аңч.* Бүркүттөн башкасы, кыраандыгына, учкулдугуна, алуу ыгына, өңүнө ж.б. карата бир нече түргө, бөлүнүшөт.

**АЛГЫРЛЫК** Алгырга (куштарга, тайганга же адам баласына) таандык сапат. *Жаралган адам уулунан, Алгырлыгы дагы бар* («Эр Төштүк»).

**АЛГЫЧ** Алганды жакшы билген, алганды жакшы көргөн, алгыр. *Акчасы жок туруп алгычын нетесиң!*

**АЛДА I (алда таала)** Диний түшүнүк боюнча: дүйнөнү жаратып жана аны башкарып турган күч, кудай, теңир. *Ага жардам бир Алда.* («Манас» С.О.). *Жазууга көндүм алданын, Көтөрдүм өлүм салганын* («Курманбек»). *Ай, жаныбар, бууданым, бир алдага аманат* («Эр Төштүк»). *Алда таала жандарды, Жаратат экен ар кандай* («Сейтек»). *Алда таала кудурет.* («Манас» С.О.).

**АЛДА II** Өкүнгөндүктү, наараzылыкты билдирүүдө колдонулат. *Алда балам, ай! Алда зулумдук ай! Байкуш кыздын жаны бек экен* (Абдукаримов).

**АЛДА III** Бирөөнү жалган сөз айтып ишендирүү, калп айтып ынандыруу, ишендирип адаштыруу, азгыруу. *Анткор калмак азгырып, Алдаганын карачы* («Курманбек»). *Антип бизди алдабай эле кой* (Сыдыкбеков). *Күмүшүн, жарым сээрди бүтүн сээр деп, Шумдары качкандарды алдап жеди* (Шайбеков).

**АЛДА IV** Белгисиздикти туюндурат. *Алда ким. Алда кандай. Алда нече. Алда кайда. Алда кайдан. Алда качан. Арстан Манас баатырдын Алда эмне сөзү бар* («Манас»). *Агын суунун шары алда кайда кетип жатты* (Сыдыкбеков). *Карыя алда качан дөңгө чыгып алыптыр* (Токомбаев).

**АЛДА-ЖАЛДА МЕНЕН** Арандан зорго, араң дегенде, эптеп-септеп, өтө кыйындык менен. *Ошондо экөө тең жетекчилерине ыйлап-сыктап барып жүрүшүп, алда-жалда менен жоопко тартылбай аман калышкан* (Исмаилов).

**АЛДА КАНЧА** Бир топ эле, дурус эле. *Эми уруулардын алда канча биримдиги бар боло түшкөн* (Касымбеков). *Алда канча ыңгайлуу.*

**АЛДА КАЧАНКЫ** Мурунку, илгерки убактагы, өткөн учурдагы. *Алда качанкы окуяны эске салып, апамды капа кылбайын деген ойго келдим* («Кыргызстан маданияты»). *Алда качанкыны эстетесиң?!* (Сыдыкбеков).

**АЛДА НЕЧЕН** Көп, бир канча.

**АЛДАГЫ** Тигил, тетиги, тигинде турган. *Мурда алдагы сеникиндей кроссовка кийүүгө улуксат жок болчу, азыр кийсе болот* (Акматов). *Алдагы турган кимдин аты? Алдагыны бери кылчы. Алдагы газетаны мага берчи.*

**АЛДАГЫЧ алдамчы** менен бирдей.

**АЛДАЛА** Алдага (кудайга) жалынуу, тобо кылуу, корккондон айласы кетип «алда!», «алда!» деп кайра-кайра кайталап, алданы эске ала берген абал.

**АЛДАМЧЫ** Калп айтып ишендирүүчү, алдап кетме, адилетсиз. *Акмат, Дыйкан алдамчы, Атакан, Миңбай жалганчы* (Токтогул).

**АЛДАН I алда III** этишинин өздүк мамилеси. *Жалчы жүрдүң алданып, Жайыкышы жабыркап* (Тоголок Молдо).

**АЛДАН II** Алына, өзүнө келүү, күчтөнүү,

кубаттануу. *Жакындан бери сакая баштап, жаңыдан алданып келе жатканда уулумдун санаасын санга бөлбөгүлөчү* («Ала-Тоо»). *Эки күндөн бери алданып, кубатыма келгенсип калдым* («Советтик Кыргызстан»).

**АЛДАНЕМЕ, АЛДА НЕМЕДЕЙ** 1. Жакшынакай, татынакай. *Чай ууртап отурган ак куба аялдын көзүнө Зарылбүбү алда немедей көрүндү* (Өмүрбаев). *Бул өзүн алда немедей алып жүрдү* (Тойбаев). 2. Адаттагыдан, демейдегиден башкача, бөтөнчө, өзгөчө. *Алда немедей шумдуктарды көрдүм. Эсим оой түштү* (Өмүрбаев). *Меш чатырап, алданемедей күйүп жатты* (Турсунов). *Түшүнө алданемелер кирип, түн бою жакшы уктай албай чыкты* (Сыдыкбеков). **В.: Алда эмнедей.** *Алда эмнедей шумдукту көз алдыма элестетип, чочуп кеттим* (Сыдыкбеков). *Сен бүгүн алда эмнедей көрүнүп турасың* (Тойбаев). *Мыскал кемпирдин көзүнө алда эмнедей жылдыздуу көрүнүп кетти* (Сыдыкбеков).

**АЛДАП-СООЛАП** Сылап-сыйпап, жоошутуп, көңүлүн көтөрүп, сооротуп. *Ыйлаган баланын жаагын басып, алдап-соолап алып калгылачы* («Ала-Тоо»). *Алдап-соолап көндүрүп, Торгоп нике кыйгыла* («Мендирман»).

**АЛДАРКӨСӨ, АЛДАР КӨСӨӨ** Кыргыз жана кыпчак тилдүү элдердин (казак, каракалпак, ногой, башкыр, карачай ж.б.) элдик оозеки чыгармаларында кенен тараалган акылдуу, айлакер адамдын жыйынтыкталган типтүү образы. Айрым учурда Алдар көсөнүн аты лакап катары да колдонулат.

**АЛДАС УРУУ** 1. Думананын сураныч-өтүнүч аракети. 2. Шашуу, карбаластап, алек-чалек болуу, тынчы кетүү, өтө кыйналуу, шашкалактоо. *Ага жетип-жетпей алдас уруп, биртике көзү илинет да, эртең менен уйпаланып, жүдөп турат* (Өмүрбаев). *Душмандар кирерге көр, качарга жер таппай алдас уруп туш-тарапка качып, жан соогалап жатышты* (Бөлөкбаев). *Алдас уруп арасында ар кыл ырдын, арып келип кучагына кулач жайсам, ай-ааламды бир кучактап алгансыймын* (Өмүрканов). 3. Күрпүлдөө, атырылуу, оргуштоо, буркан-шаркан түшүү. *Агын суулар алдас уруп чамынды* (Бөкөнбаев).

**АЛДАСТА** 1. Эти ысып, катуу кыйналып ооруганда чыдай албай чабалактаган абал. *Алдастап эс-учуңду билбей жаттың* (Шүкүрбеков). 2. Карбаластап шашуу, кыйналуу. *Ушул суроону сактап калуунун айласын издеп, алдастадым* («Ала-Тоо»).

**АЛДАСТАТ алдаста** этишинин аркылуу мамилеси. *Үмүт аларды сүрөп, алдастаткан коркунуч кубалап алган эле* (Касымбеков).

**АЛДАСТОО алдаста** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛДАСЫ ООЗУНАН ТҮШҮҮ** Катуу коркуп, эмне дээрин билбей калтаарыган абалда болуу, шалдайып калуу. *Чоң энемдин алдасы оозунан түштү көрүнөт, муундары калчылдап, алда эмнелер оюн бөлдү* (Сыдыкбеков). **В.: Алдасы оозунан учуу.** *Байымбеттин ыры түгүл алдасы оозунан учуп селейди* (Бейшеналиев).

**АЛДАТ алда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛДАЯР** Хандардын, башкаруучу төбөлдөрдүн, бектердин жогорку даражалуулугун белгилөө маанисинде колдонулат. *Ассалоом алейким, Алдаяр таксыр каныбыз* (Токтогул).

**АЛДЕЙ-АЛДЕЙ** Бала сооротkондо, бешик ырында айтылуучу сөз. *Алдей-алдей бөбөгүм! Алдымдагы өбөгүм!* (Үмөталиев). *Алдей-алдей бөбөгүм, Арка сүйөө жөлөгүм* (Осмонов).

**АЛДЕЙЛЕ** 1. Баланы «алдей-алдей» деп сооротуу, уктатуу. *Бешик терметип, бөбөгүн алдейлеп уктаткан бир үйдүн чоң кызы ушул* («Ала-Тоо»). 2. Кастарлап асыроо, бапестеп багып өстүрүү, эркелетүү. *Алдейлеп турса кең мекен Айчүрөк болуш эмне экен* (Үсөнбаев). *Алдейлеп эне өстүрүп, Кир көйнөктү жууган жер* (Каралаев). *Алдейлеп мени өстүргөн, Айланамын кыргыздан* (Бөкөнбаев).

**АЛДЕЙЛЕТ алдейле** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛДЕЙЛӨӨ алдейле** этишинин кыймыл атоочу. *Ана, үгүлдү бала үнү күнөөсү жок! Алдейлөөдө апасы пейили ток* (Байзаков).

**АЛДОО алда III** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛДООЧ БАШТЫК** Башка бирөөнү алдоо үчүн колдонулуучу нерсе (айла, амал). *Сен балдардын атасысыңбы же көзгө көрүнчү алдооч баштыксыңбы?* («Чалкан»). **В.: Алдооч тузак.** *Алдооч тузакка илингенине канчалык өкүнсө да, шектентпөөгө кайпактады* (Бейшеналиев).

**АЛДООЧУ алдамчы** менен бирдей.

**АЛДУУ** 1. Күчтүү, кубаттуу, алы, дарманы бар. *Алы жокту алдуулар, Ак жеринен сайбайбы?* (Токтогул). *Колдору алдуу, аяктары басарман* (Осмонов). 2. Оокаттуу, малмүлктүү, дүнүйөлүү. *Алдуу киши. Короо тартып конушту, Колунда бар алдуулар* (Осмонкул).

**АЛДУУРААК** Алы, күчү көбүрөөк. *Алдуураак адам болгон жок, Ал ишке жардам этүүгө* (Сарногоев).

**АЛДУУСУН** Алдуу, күчтүү болуп көрүнүү, алы, күчү анча болбой туруп, алдуу болуп көрүнүү. *Алдуусунуп ортого атырылып эми эле чыккан болчу* (Абдукаримов). *Алдуусунган душманга, Алдырбаган күрчтүк кез* (Жеңижок).

**АЛДЫ** 1. Асты жак, бет алып турган

жаккы айлана, мандай жак. *Эшиктин алды. Мектептин алды. Олтургандардын алдына дасторкон салынып, суу куюлду* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсенин асты, жабык жаткан же төмөн караган бөлүгү. *Тактанын алды. Столдун алды. Шырдактын алды. Жер үстү менен жер алдын, Тойлогон кемпир сенсиңби* («Эр Төштүк»). 3. Өзүнүн сапаты жагынан башкалардан артык, мыкты, жогору. *Салима ушул жердеги кыздардын алды* (Абдукаримов). 4. Иш же башка нерседеги биринчилик, алдыңкы орун. *Класс боюнча алдыда бараткан окуучу. Бригаданын алдына чыкты.* 5. Башкалардан илгери, мурда, арт жагында эмес. *Тогуз аттын алдына чыгып, күлүгүңүз байге алды, кут болсун!* («Ала-Тоо»). *Алдыга бөлүнүп бастырган жалгыз атчан ким?* («Чалкан»). 6. Башкалардан мурдараак, эртерээк озунгандар (келгендер ж.б.). *Калмактын алды келгенде, Калың журт коркту жүгүрүп* («Манас»). *Көчтүн алды ашууну таяп барып калды* («Ала-Тоо»). 7. Кандайдыр бир нерсенин башталышы, башталыш белгиси. *Карылыктын алды. Ийгиликтин алды. Ырыс алды – ынтымак* (макал).

**АЛДЫ-АЛДЫНА** Бет-бетине, бөлөк-бөлөк, жөн-жөнү менен.

**АЛДЫ-АЛДЫНАН КЕТҮҮ** Туш-тушка тароо, ар ким өз билген жагына жөнөө. *Бир аз кечигип калгандыктан, алды-алдынан кеткен элди көрүп гана тим болду* («Ленинчил жаш»).

**АЛДЫ-АРТЫ** 1. Алды менен арты, айланасы, мандайы, арт жагы. 2. Баш-аягы, бар болгону, болгон бүткөнү. 3. Эң аягы, акыр аягы.

**АЛДЫ-АРТЫНА КАРАБАЙ** Түпкүлүгүн ойлобой, эч нерсени байкабай, абайлабай, анчалык назар салбай. *Көпкөнүм ошол да, өлөмүн деп санабай, алды-артымды карабай Кулубек байдын токолуна тикеден тике ошол ырымды ырдабадымбы* (Медетов). *Ал алды-артын карабаган аңгүдүк неме го* (Жигитов). **В.: Алды-артын ойлобой.** *Көрсө, бир жылдары ошондой алды-артын ойлоп иш кылбаган алаңгазар немелер бир чарбага кокустан актип болуп тандалгандай чогула калган окшобойбу* (Медетов).

**АЛДЫ-БЕРДИ** Алака-катыш, алыш-бериш. *Менин аны менен алды-бердим жок.*

**АЛДЫ МЕНЕН** Башкалардан мурда, а дегенде, ириде, эң биринчи. *Оюн-зоок болордо Адылбектин өзүнө жетелетип алып алды менен ошол кемпир келет да балдардын ыр-күүсүнө ыракаттанат* (Өмүрбаев).

**АЛДЫ-ҮСТҮ КЫЛУУ** Чаң-тополоң түшүрүү, будуң-чаң кылуу. *Бирок алар жөн гана кетпей, айылдагылардын заманасын кууруп, алды-үстү кылды* (Жантөшев).

**АЛДЫ-ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ** *к.* **Асты-үстүнө түшүү.**

**АЛДЫДА** Боло турган, келе турган деген мааниде. *Алдыда кароодо силердин коллектив биринчи сыйлыкты алыш керек* (Мавлянов).

**АЛДЫДАГЫ** Жакында боло турган, келерки, болочок. *Алдыдагы жазда карап тур, кандай окуялар болорун* (Сасыкбаев).

**АЛДЫКЫ алдагы** менен бирдей.

**АЛДЫМ-ЖУТТУМ** Алкы бузук, митаам, шылуун, аксым. *Айдалып бардым Сибирге Алдым-жуттум кууралдан* (Токтогул). *Алтынайдын эри алдым-жуттуму жок, момун адам* (Сыдыкбеков).

**АЛДЫН АЛА** Күн мурун, мурунтадан, боло электе, алдын тосуп, утурлап. *Кожо келсе кой союп, Алдын ала нан коюп, Сыйлагандан эмесмин* (Токтогул). *Алдын ала көрүлүүчү чаралар* («Кыргызстан аялдары»). *Жаңы үй-бүлө айылдаштары үчүн адаттан тышкары окуя эмес экендигин, ушундай болорун алдын ала билишкен* (Каимов). *Камынып жаткан Коңурдун, Алдын ала барсам дейм* («Семетей).

**АЛДЫН АЛУУ** Кандайдыр бир кырсыкты, ооруну ж.б. болтурбай коюунун же күчөтүп жибербөөнүн аракетин кылуу, эртерээк кам көрүү, чара колдонуу. *Ырыс өткөн жолу балдардын жайкы ич өткөгүнүн алдын алуучу чараларды түшүндүргөн* («Кыргызстан аялдары»). *Оорунун алдын алуу аракеттери.*

**АЛДЫНА АТ САЛДЫРБАГАН** Мыкты, тың, чыгаан, башкаларга салыштырмалуу бышык. *Алдына ат салдырбаган – Кара Молдо, Молдобасан Кыргыз мамлекеттик филармониясынын пайдубалын алгачкы түптөөчүлөрдөн болгон экен* («Советтик Кыргызстан»).

**АЛДЫНА ЖЫГЫЛУУ** *к.* **Бутуна жыгылуу.**

**АЛДЫНА МИҢ ЖЫЛКЫ САЛУУ** Мас болуу, кызып калуу. *Курман алдына миң жылкы салып, дүйнөнү тепсеп келе жаткан* (Сыдыкбеков). **В.: Астына миң жылкы салуу.** *Күүлдөгөн Ыманбай астына миң жылкы салып... теминип отурду* (Сыдыкбеков). **Астына миң кой айдоо.** *Орозбектин кенжеси болсо керек, астына миң кой айдап, өзүнчө эле жыргап көрүнгөндүн колтугунда жүрөт* («Кыргызстан маданияты»).

**АЛДЫНА ТҮШҮҮ** *этн.* Айыбын, күнөөсүн мойнуна алуу маанисинде бир нерсе тартуулоо жолу менен кечирим суроо, өтүнүү. *Айыбыбызды тарталы, айтканың кылалы, алдыңа түшөлү* (Абакиров). *Эсен барып калышса жалпы тууганга дарман кылып, тойчук берип, андан соң «акылман төрө ынагы» калың мал айдап, камчысын мойнуна салып, булардын алдына түшөр* (Касымбеков). **В.: Астына түшүү.** *Сейитмураттын кудалары астына түшөлү деп макулдашып жатканын Шор-Булактагы*

*Байзактар туюп калышат* («Кыргызстан маданияты»). *Астыбызга түшсүн. Түшүрө албасаң, сага эки дүйнөдө ыраазы эмеспиз* (Тойбаев).

**АЛДЫНА ЧЫКПОО** Эч ким, эч бир жан тең келе албоо, тендеше албоо. *Бирок аял затын сыйлаганы келгенде Шамбеттин алдына эркек чыкпас* (Бердикеев).

**АЛДЫНАН КЫЯ ӨТПӨӨ** Абдан сыйлоо, урматтоо, өйдө карабоо. *Ал ушул күнгө чейин кайын агасына өйдө карамак түгүл, алдынан кыя өтпөгөн* (Бердикеев). *Келиндер алдынан кыя өтпөй сыйлап турушчу* (Бердикеев). *Мен эми силердин алдыңардан кыя өтпөй калайын* (Саатов).

**АЛДЫНАН ӨТҮҮ** 1. Кечирим суроо маанисинде жөн-жайын айтып түшүндүрүү, күнөөсүн мойнуна алуу. *Бул иштин тээ акырындагы татаалдашып чаташчу нугун өлчөп көргөндө шаасы жептей турганына көзү жетип анын алдынан өтүүнү туура тапкан* (Өгөбаев). 2. Кандайдыр бир ишти аткаруудан мурда ал жөнүндө тиешелүү адамдарга билдирип, алардын кеңешин, уруксатын суроо. *Адат боюнча жаңы тууган болуш үчүн аягы менен сенделип келгендер, эң мурда бийлик-суулугу бар журт ээсинин алдынан өтүшү абзел* (Үмөталиев). **В.: Астынан өтүү.** *Орозбай ардактуу кудасы Асылдын астынан өтүп, балдар балалык кылып жатышпасын, алардын келечегин, капкалуу калаасын сактап калалы деп барат* (Өгөбаев).

**АЛДЫНДА** 1. Алды жагында, мурдараак, илгерирээк. *Көч алдында Кулайым, Алтымыш катын кошчусу* («Манас»). 2. *жанд.* Жанында караганда, салыштырганда. *Батыш европалык футболисттердин алдында биздикилер жөн эле ары-бери чуркаган балдардай болуп калат* («Заман Кыргызстан»). *Мен жөнүндө кийинчерээк билүүчүлөрдүн алдында башымды ийип, кечирим сурайм* (Айтматов).

**АЛДЫНКЫ** 1. Илгери жактагы, башкалардын алдындагы. *Алдынкысын караса, Арчатору көрүнөт* («Эр Табылды»). *Караандын алдынкысы бозго чыкты* (Сыдыкбеков). *Алдынкы көч кайда барса, арткы көч ошол жакка барат* (макал). 2. Төмөнкү, асты жагындагы. *Алдынкы ээрди шалпайып турат. Алдынкы тиштерим ооруйт.* 3. Биринчи катардагы, жогорку, иш же башка нерселери (белгилери) боюнча өзгөчөлөнгөн. *Алдынкы малчы. Алдынкы машинист. Алдынкы окуучу.*

**АЛДЫҢА КЕТЕЙИН** Жакшы көрүү, эркелетүү, жалынып-жалбаруу маанисинде (түз мааниси: сен көп жаша, мен сенден мурда өлөйүн, кетейин; көбүнчө балдарга карата) колдонулат. – *Өх! Садагаң, Сардарым, алдыңа кетейин! Мен сенин алдыңа кетейин* (Тойбаев). *Алдыңа кетейин, чот карам* (Саатов).

**АЛДЫҢКЫ алдынкы** менен бирдей. *Алдыңкы тажрыйба – жалпыга* («Советтик Кыргызстан»). *Пландарын орундатып, Бурулуш фермадагы алдыңкы саанчылардын катарына кошулду* («Ленинчил жаш»).

**АЛДЫР** 1. Алдырып жиберүү, колдогудан ажырап калуу. *Кырк миң атчан алдырдым* («Эр Төштүк»). *Чала алдырат сакалын, Билбеймин кайда шашарын* (Шүкүрбеков). *Айтматовду жөн жок жерден ал- дырып, Эх, дүйнө ай, кайда кеткен калыстык* (Акматалиев). 2. Жендирип коюу, моюн сунуу. *Карылыкка алдырды. Убайымга алдырды.*

**АЛДЫРА** 1. Эмне кыларын билбей шашып калган абал, өзүн жоготуп койгон абал. *Муну көрүп Кулчоро, Акылы кетти алдырап* («Семетей»). *Алдырай түштү калмактар, Не кыларын биле албай* («Манас»). 2. Алы, дарманы кетип алсырап, мууну бошогон абал. *Түрмөдө жүрдүң алдырап, Сүйлөсөң тилиң балдырап* (Тоголок Молдо). *Бешимге болжол жеткенде, Аты баспай алдырап* («Курманбек»).

**АЛДЫРАРДА ЖАЗДЫРАР** Кандайдыр бир кырсыктын, кокустуктун болоруна ондой берди болуп, эбепке-себеп болгон кырсыкка кошумча шарт. *Алдырарда жаздырар болуп, эч нерсе ойдо жокто ушинтип отурабыз* («Ала-Тоо»). – *Көрбөйсүзбү, алдырарда жаздырар болуп, сүйлөр сөзүмдү унутуп калсам болобу* («Ленинчил жаш»). *Ошентип, алдырарда жаздырар дегендей, белгилүү бадалдарга жеткенибизде да кашайып байкабай калытпырмын* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Алдырар күнү жаздырар.** *Алдырар күнү жаздырар болуп Саалы шаарга кеткен* (Сыдыгалиев). *Алдырар күнү жаздырар... Мен кара жерге кирейин* (Тойбаев). *Алдырар күнү жаздырар болуп, иштин минтип жатканын кара* (Тойбаев).

**АЛДЫРАТ алдыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Кыйла эле алдыратып салды.*

**АЛДЫРОО алдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛДЫРТАДАН алдыртан** менен бирдей.

**АЛДЫРТАН** Башкаларга билгизбей, жашыруун, тымызын. *Даша аларды дагы бир ирет алдыртан, карап алды* (Сасыкбаев). *Алдыртан ичтен сызып карап турат* (Осмонов). *Алдыртан териштирип сурап көрсө керек* (Жантөшев). *Алдыртан чыгып, айылдын сырын билип кайттым* (Сыдыкбеков).

**АЛЕБАСТР** Ак түстөгү, майда бүртүктүү гипс.

**АЛЕЙКУМ АССАЛАМ** Эркек адамдар «ассаломалейкум!» деп саламдашканда, берген саламына кайтарылуучу жооп, алик.

**АЛЕЙКУМ** Салам айткандын экинчи сөзү, саламга жооп кылып алик алгандын

биринчи сөзү. *«Ассалоом алейкум» – деп катуу добуш салды кабинетке киргенин билген соң. «Ва алейкум ассалоом» – Сапар ордунан тура келди* (Мавлянов).

**АЛЕЙНЕ** 1. Даана, ачык, көпчүлүккө жарыя. *Кыргыз адабиятында кимдин ким экенин алейне көрсөткөн, тарыхый мааниси бар талкуу экенин айтуу керек* (Турсунов). *Алейне ашык болупмун, Ай келин, сенин боюңа* («Эл адабияты»). 2. *диал.* Обон, үн. *Алейне кошуп ырдаймын.*

**АЛЕК I** Жибек аралаштырып токулган кездеменин түрү. *Алек чапан.*

**АЛЕК II** Убара, түйшүк, кандайдыр бир ишке айланышкандан келип чыккан машакат. *Кыздар оюнчуктар менен алек* («Жаш ленинчи»). *Кызылча суюлтуп жүргөн келиндер өз иштери менен алек* («Ала-Тоо»).

**АЛЕК-ЧАЛЕК КЫЛУУ** Айласын кетирүү, жан алакетке түшүрүү, чакчелекейин чыгаруу. *Ичип келген күнү үй-бүлөнү алек-чалек кылам. Корккон балдарым чыркырап энесине жармашат* (Өмүрбаев).

**АЛЕКИ-ЗАМАТ** Көз ачып жумганча, ылдам, бат эле. *Жигит чач алууга өзгөчө өнөр менен киришип, алеки-заматта бүтүп «тамамдадым, таксыр!» – дейт* («Кыргыз Туусу»).

**АЛЕКИ СААТТА** *к.* **алам саат.** *Алеки саатта даяр болдук* (Каралаев).

**АЛЕКИ СААТТЫК** Анчалык алыс эмес, узакка созулбаган. *Автобуска отурса, алеки сааттык жол* (Кыдырмышев).

**АЛЕКИСАЛАМ** *туурасы:* **алейкум ассалам.**

**АЛЕКТЕН** Убара болуу, алек болуу, кандайдыр бир ишке байланышып убаралануу. *Кечке алектенип, кыйноо менен бүтүргөн ишиңер ушубу?* («Ала-Тоо»).

**АЛЕМ** Ыза, ыза болуу.

**АЛЕҢГИР I** 1. Эпостордо: кыйраткыч, чуу салып, бүлүндүргүч (көбүнчө жаага карата). *Алеңгир жаа, сыр жебе, Кошо тартат Чынкожо* («Семетей»). *Алма баш мылтык асынып, Алеңгир жаасы кошулуп* («Эр Табылды»). 2. Кыйратуу, талкалоо, бүлүк салуу, уруш, жаңжал *Алеңгир салып жатканын* («Семетей» С.К.). *Алеңгирди саларбыз* («Манас» С.О.). *Ботом, жылкыга жети карышкыр тийип, таза алеңгирди салбадыбы* (Байтемиров).

**АЛЕТТЕН КЕТҮҮ** *к.* **Өң-алеттен кетүү.** *Байкуш Кулу алеттен кете түштү эле, эми бетине кызыл жүгүрүп калыптыр* (Осмоналиев).

**АЛЕУТТАР** *ж. с.* алеут. Алеут жана Командор аралдарынын жергиликтүү калкы.

**АЛЕШЕМ** 1. Кургак эмес, нымдуу, чала кургаган. *Алешем отун. Алешем тезек.* 2. *өт.* Ойдогудай эмес, бышпаган, жетилбеген. *Кылган ишиңер алешем эле болуп калыптыр. Илимий ишиңизде али алешем ойлор, алешем курулган сүйлөмдөр бар экен.*

**АЛЖАГАЙ** Чоң, жалжайган. *Алжагай ооз, жар кабак* («Манас»).

**АЛЖАЙ** Чоң ачылган көрүнүштө болгон абал, алжагай болуп көрүнүү. *Култайдын эки колунун тең баш бармагы, сөөмөйүнүн учу алжайып жарылган* (Абдукаримов). *Эшик алжайып ачык.*

**АЛЖАКЕ** Жалжактаган, алжандап дайыны жок күлө берген киши. *Алжаке эркекке жалжаке аял туш келет* («Ала-Тоо»).

**АЛЖАКТА** **алжаңда** менен бирдей.

**АЛЖАҢДА** Оозду обу жок эле керипчоюп сүйлөй берген абал, жаш балача тилди чайнап сүйлөө. *Алжакеси алжаңдап сала берди* («Советтик Кыргызстан»).

**АЛЖАҢДОО** **алжаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЖАПКЫЧ** Жумуш убагында алдыга тартына турган кийим, фартук. *Калбүбү алжапкычын байланып, колун жууду* (Убукеев). *Дмитрий уулунун келгенин угуп, булгаары алжапкычын чечпестен, кара ала боюнча устаканадан жетип келген* (Сыдыкбеков).

**АЛЖАЮУ** ***алжай*** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЖИРЛИКТЕР** *ж. с.* алжирлик. Алжирдин негизги калкын түзгөн эл.

**АЛЖУУ** **алжы** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЖЫ** 1. Карылыгы жеткен кишинин туура ой жүгүртө алган жөндөмдүүлүгү жоголгон абал, акылдан адашуу, айный баштоо. *Алжып калган чалдардын, Белинен кармап, бүктөп кет* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Сандырактап оозго келгенин дайынсыз сүйлөй берүү. *Жумабүбү эмне алжып жүрөт* («Жаш ленинчи»). *Түгөл көп сүйлөй берип, акырында аябай алжыды* (Бейшеналиев).

**АЛЖЫРА** Арасы ачык, алжырак болуп көрүнүү. *Алжыраган мата.*

**АЛЖЫРАК** Тыгыз эмес, арасы ачык, алжырап турган (токулган таар же кездемеге карата).

**АЛЖЫРАТ** **алжыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЖЫРОО** **алжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЖЫТ** **алжы** этишинин аркылуу мамилеси. *Карыганда сүйлөтүп Алжытпагын адамды* (Токтогул).

**АЛИ** Ушул кезге чейин, алиге, эмгиче. *Жердин тоңу али жибий элек* («Ала-Тоо»). *Сасыкбай сексен жашка чыкканына карабастан, али да тың* (Байтемиров).

**АЛИБЕТ** **албет** менен бирдей.

**АЛИБЕТТҮ** **албеттүү** менен бирдей.

**АЛИБИ** *юр.* Шектүү адамдын кылмыш жасалган убакта башка жерде болгондугу, ал кылмышка катышы жоктугун далилдеген шарт, далил.

**АЛИГЕ** Ушул кезге чейин, эмгиче, алигиче. *Алиге Жанболоттон дарек жок* (Шимеев). *Бая эле чытылган кабагы алиге жазыла элек* (Байтемиров).

**АЛИГИ** Мурда белгилүү болгон кимдир бирөөнү, кандайдыр бир нерсени же бир ишти белгилей көрсөтүүдө колдонулат, жанагы. *Мурдагыдан айылга көп түшө турган болду, түшкөн сайын алиги келин менен жолугушуп кетет* (Айтматов). *Ал кайра кайрылып алиги сөзүн козгободу* (Айтматов). *–Ушу... – деди кары бий, – алигибиз ушу, айта барасың...* (Касымбеков).

**АЛИГИДЕЙ** Мурда белгилүү болгондой, жанагыдай. *Алигидей чалдар менен жылкынын заманы өткөн* (Айтматов).

**АЛИГИЧЕ** Алиге чейин, эмдигиче, ушул убакка чейин. *Бул айылга бүлө болуп келгенине төрт жыл айланып баратса да, жашы улуу адамдарынан алигиче качып, алдынан туура өтө элек* (Касымбеков).

**АЛИК** *диал.* Күрөштүн бутту тосуп жыгуу ыкмасы. *Алик салуу.*

**АЛИК АЛУУ** Салам айткан адамга жооп кылуу, саламын кабыл алуу. *Четте отурган кара киши озунуп алик алды* (Каимов). *Култай алик алып, бизди төргө өткүлө деди* (Абдукаримов).

**АЛИМЕНТ** Үй-бүлөнүн эмгекке жарабаган мүчөлөрүнө (балдарга, карыган ата-энелерге) алар менен тууганды к жакындыгы бар, бирок бөлөк жашаган кишилер тарабынан законго ылайык төлөнүүчү каражат. *Алимент төлөө. Алимент алуу.*

**АЛИМЕНТЧИ** Алимент алуучу, алимент төлөөчү.

**АЛИП** Араб алфавитинин тик сызык формасында жазылуучу биринчи тамгасы. *Кашың чийген алиптей, Кара көзүң ирмейсиң* («Эл адабияты»).

**АЛИППЕ** 1. Араб алфавитинин биринчи жана экинчи ариптеринин аттары, алфавит. 2. Кат таанытууда окутулуучу эң алгачкы окуу китеби. *Алиппе китеби. Чоңдор үчүн алиппе.*

**АЛК** Адамдын тамакка, мал-мүлккө же ар кандай башка пайдага карата пейли, кулк-мүнөзү. *Кечке чейин тынбай иштегендиктен, отургандардын ар кимисинин алкы ачылып тамакты жакшы жеп жатат* (Байтемиров). *Алкыңды бузуп көп ичип, Насыяга чырмалба* (Осмонкул). *Акматаалынын алкы бузула баштагандан бери арызданган чабандар да көбөйө баштаптыр* («Советтик Кыргызстан»). *Манаптын алкы бузулду, Мал ордуна киши жейт* (Токтогул).

**АЛКА I** Жакшы тилек, каалоо билдирүү, алкыш айтуу. *Өмүрдө жамандык көрбөгүлө! – деп, бизди алкап кол берди чал* (Элебаев). *Бул жакшылыгына Кулбаш аксакалды алкаш керек* (Абдукаримов). *Алкай- бызбы, каргайбызбы жерди биз* (Эралиев).

**АЛКА II** *этн.* 1. Дербиштердин зикир чалганда тегеренип басып туруучу айланасы. 2. Дербиштердин ушундай айлананы тегеренип чалган зикири. *Азилиңби, алкаңбы? Зикириңби, ырыңбы?* (Токтогул).

**АЛКА-ЖАКА** Жаканын эки башы бириккен, топчуланган жери, алкымга туура келген бөлүгү. *Эр жигиттин алганы жарашпаса, алка жакасы ак болобу?* (Жантөшев). *Сүрдүктүрүп, алка жакадан алганда, дивандын үстүнө барып жыгылдым* («Чалкан»).

**АЛКА-ШАЛКА ТҮШҮҮ** Көл-шал болуп тердөө, кара терге түшүү, кыйналып-кысталуу. *Журтбек ызага муунуп, алка-шалка түштү* (Бейшеналиев). *Шахтада үшүмөк турсун, кайра алка-шалка түшүп тердейбиз* (Сасыкбаев). *Алка-шалка тердеп кеттим* («Ала-Тоо»).

**АЛКАДАН АЛУУ** Алкымдан алуу, алкымдан мыжый кармап урушуу. *Биз үчөөбүз, алар тогуз – салгылаштык. Тартыштык, алкалардан алгылаштык* (Токомбаев).

**АЛКАК** 1. Жалпак темирден, жыгачтан же башка нерседен ийип жасалган түпкүч формасындагы тегерек. *Дөңгөлөктүн алкагы. Айнегинин алкагын Атлас менен чырмаган* («Семетей»). 2. Бешиктин жаа сыяктуу ийилген, тикесинен көтөрүлүп турган эки башы. 3. *геогр.* Эки параллелдин же эки меридиандын ортосундагы жердин бир бөлүгү. *Мелүүн алкак. Ысык алкак.*

**АЛКАКТУУ** Алкагы бар. *Сатуучу алтын алкактуу көз айнек салынган* (Сыдыкбеков).

**АЛКАЛОИД** *хим.* Щелочь мүнөздүү, азоттуу, физиологиялык күчтүү таасир берүүчү органикалык зат.

**АЛКАМДУ** **алхамдулилла** менен бирдей.

**АЛКАТ** **алка I** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛКАШ** *сүйл.* Баш-оту менен аракка кирип кеткен киши. *Кудай алдында алкаш да, сойку да, кайырчы да, министр да бирдей* («Кыргызстан маданияты»). *к.* **алкоголик, араккор.**

**АЛКОГОЛИЗМ** Ичкиликке берилгендик, ичпей тура албаган абал.

**АЛКОГОЛИК** Спирт ичимдигине абдан берилип кетип, өзүн ичимдикке алдырып койгон киши. *А бечара, дедим ичимден, алкоголик го?* (Турсунов). *к.* **араккор, алкаш.**

**АЛКОГОЛЬ** Винодогу спирт, арак жана жалпы эле ичкиликтин аты.

**АЛКОО** **алка I** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛКЫ АЧЫЛУУ** 1. Жеп-ичкен жагына баш коюу, алдым-жуттум боло баштоо, арааны ачылуу. *Акча десе алкы ачылган эргулдар үчүн адамдардын азап тартып бараткан ы түккө турбады* («Чалкан»). 2.

Аппетити ачылуу, тамакка үзүлүп түшүү. *Кечке чейин тынбай иштегендиктен, отургандардын ар кимисинин алкы ачылып, тамакты жакшы жеп жатат* (Байтемиров). **В.: Алкы бузулуу.** *Атка минген жакшылардын алкы бузулду, бей-бечаралардын дартын уккан эч ким жок* (Сыдыкбеков).

**АЛКЫ БУЗУК** 1. Алдым-жуттум, ач көз, жегич-ичкич, нысабы жок. *Бай-манаптын алкы бузук, Мал ордуна киши жейт* (Токтогул). *Бул алма чыккан жерди тепсетпейбиз, Акшыйган алкы бузук ач көз жоого* (Үмөталиев). 2. Соргок, тамакты көп ичкен, тамакка үзүлүп түшкөн. *Алкы бузук киши.* **В.: Алкы ачылган.** *Нусуп биринчи жолу мындай алкы ачылгандарга жолугуп жаткан жери жок* («Советтик Кыргызстан»). Алкы кеткен. *Алкы кеткен сен белең* (фольк.).

**АЛКЫЛДА** 1. Буркан-шаркан түшүп албууттан, ачууланып буркулда, алкынып сүйлө. *Кылымкан алкылдап үйүнөн чыкты* (Жантөшев). *Алкылдаган катындын, Анташып жүргөн эри бар* («Сейтек»). 2. Башты чулгуп жулкун, алкынган катуу жүрүштө бол. *Касаба найза калкылдап, Аргымак аты алкылдап* («Манас»).

**АЛКЫЛДАТ алкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛКЫЛДОО алкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛКЫМ** 1. Ээктин алды, тамак. *Токтогул алкымындагы көк аланы эч кимге көрсөткөн жок* (Токомбаев). *Жүрөк түйлап алкымыма тыгылды, «Апаң оор» деген сөздү укканда* (Байзаков). 2. Кулкун, кекиртек. *Бир алкымдын айласы үчүн, Калп айтууну мен койсом!* (Маликов). 3. Тоо этеги, тоого таёо жер. *Алкымдагы элдин баары Сасык-Жийдеге чаап келишти* (Бөкөнбаев). *Адыр-күдүр ак мойнок, Алкым жагын чалалы* («Сейтек»).

**АЛКЫМДА** 1. Тамактан алуу, муунта кармоо. *Казанчы баланы алкымдап, силкип-силкип алды* (Токомбаев). *Бир нече күчтүү колдор алкымдады, Дүрмөттүү ак бараңды аттырбады* (Үмөталиев). 2. *өт.* Кыйынчылык көрсөтүү, кыстоого салуу. *Элди ачарчылык алкымдап турат* (Абдукаримов). *Чыгым деп алкымдашат кызыл чогу, Аларга эсеп эмес малдын жогу* (Токомбаев). 3. Тоо этектеп, алкым менен жүр. *Жай мезгили үч айда, Малчы көчөт алкымдап* (Тоголок Молдо). *Бороондон бир топ жан келет, Боз адырды алкымдап* («Манас»).

**АЛКЫМДАТ алкымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛКЫМДОО алкымда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛКЫМЫН МАЙЛОО** Пара берүү, паралап коюу. *Алкымын майлап туруп, макулдугун алып койгон да. Кызмат кылып бербейби, Майлап койсом алкымын* (Осмонкул). **В.: Тамагын майлоо.** *Тамагын майлап колго түшүрсө керек* («Чалкан»). **Кекиртегин майлоо.** *Таштемир Сатыбалдынын кекиртегин майлап, үйүнө бир чоң челек кымыз, баглан козунун этин жеткирип бериптир* («Советтик Кыргызстан»). **Кулкунун майлоо.** *Унчукпай калганына караганда кулкунун майлаган окшойт* («Чалкан»).

**АЛКЫМЫНАН СЫГЫП АЛУУ** 1. Бергенинин артыгын чыгаруу. 2. Бербеген оюна койбой, зордук, күч көрсөтүү жолу менен алуу. *Чолпонбектин маңдай терин Ашбектер алкымынан сыгып алышып, анысы аз келгенсип бөлөсүнүн уюн өлтүрүптүр* («Чалкан»). **В.: Кекиртегинен сыгып алуу.** *Ичкен-жегенин кекиртегинен сыгып алды.* **Тамагынан сыгып алуу.** *Эр болсо бербей көрсүн, тамагынан сыгып алам, – деп күпүлдөдү* («Ленинчил жаш»).

**АЛКЫН** 1. Алга карай жүткүнүү, баш бербей алдыга жулунуу, жутуна обдулуу. *Ал алкынган көк кашкадан секирип түштү* (Жантөшев). 2. Ээ-жаа бербей, жулкуна сүйлөп чамынуу, бейжайланып кетүү. *– Мен сизге жакшылык каалаunion, сиз мага алкынасыз да! – деди начальник* (Бектенов). *Теңдик бербей алкынган кайнененин пейлин көрүп отурасыңбы? – дедим* («Ала-Тоо)».

**АЛКЫНДЫ** Самындын кир жуугандан кийинки кичинекей калдыгы. *Кир самындын алкындысы. Кара самындын алкындысы.*

**АЛКЫНДЫР алкынт** менен бирдей.

**АЛКЫНТ алкын** этишинин аркылуу мамилеси. *Алкынтып атты минген, Кыргыздын алты жашар баласы* (Мамеев).

**АЛКЫНУУ алкын** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛКЫСА** Кыскача айтканда, ошентип, аңгемени баштасак. Илгери чыгыш элдеринин түрки тилде чыккан аңгемелеринин башы же аңгеме кайта башталганда «Алкыса» деп киреше турган.

**АЛКЫШ** 1. Кандайдыр бир кылган кызматы, жакшылыгы, сиңирген эмгеги үчүн билдирилген ыраазылык, жакшы тилектеги сөздөр, мактоо. *Силерге алкыш айтамын.* 2. Өзгөчө кызмат, сиңирген эмгек үчүн мекеме тарабынан бериле турган сыйлык. *Сайдин кен башкармасы тарабынан акчалай сыйлык жана алкыш алды* (Сасыкбаев).

**АЛКЫШТА** Алкыш айтуу, ыраазылыкты билдирүү, мактоо. *Батый да күлүмсүрөп, көпчүлүк менен кошо Осмонду алкыштады* (Сыдыкбеков).

**АЛЛЕГОРИЯ** Адабият менен искусство чыгармаларында белгилүү бир идея, ойду, көрүнүштөрдү өтмө мааниде каймана образдар менен берүү.

**АЛЛЕРГИЯ** Организмге аллергиндин таасиринин кылган реакциясы. Кандайдыр бир аллергиндин кайталанган дозасынын таасиринен келип чыккан организмдин реактивдүүлүгүнүн ошол аллергинге карата күчөшү, жогорулашы.

**АЛЛЕРГОЛОГИЯ** *биол.* Биология илимдеринин аллергияны изилдөөчү тармагы.

**АЛЛЕЯ** Эки жагына бак, бадал тигилген жол, бактагы, парктагы мына ушундайча жасалган жолдор. *Чолпон-Атада «Аэропорттун аллеясы» деген сонун аллея бар. Кум төгүлгөн аллеянын бети көлөкөдөн илбирстин териси төшөлгөндөй болуп кооз учурайт* («Кыргызстан маданияты»).

**АЛЛЕЯЛУУ** Аллеясы бар, аллея жасалган. *Кооз аллеялуу парк.*

**АЛЛИТЕРАЦИЯ** *адаб.* Кайталоо, көркөм чыгармадагы үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши. Аллитерация кубулушу поэзияда арбын кездешет. *Кыжылдаган кытайга, кызык кыргын кылсам деп* («Манас»).

**АЛЛО** Телефондо сүйлөшүп жаткан кишинин «угуп жатам», «угуп турунуз» ж.б. деген маанидеги оюн билдирүү үчүн колдонулат. *Алло! Алло! Өмүрбек* (Токомбаев). *Начальник шыңгыраган телефонду көздөй басып, труб-каны көтөрдү да, «алло» деди* («Чалкан»).

**АЛЛОХОЛ** Өт айдап чыгуучу дары. Составына малдын кургатылган өтү, сарымсактын маңызы, чалкан кирет. Көбүнчө боордун өнөкөт оорусуна колдонулат.

**АЛЛЮЗИЯ I** *адаб.* Жооткотуп айтуу, же какшыктоо. *Мен кыйналам кыздар көркүн жазганда, Ышкым түшүп, ыклас отун жаксам да. Аны куду «Айдай», «Күндөй» деп мактап, Жерден алып жеткире албайм асманга* (Эралиев).

**АЛЛЮЗИЯ II** Жалпыга белгилүү жарандар аркылуу жаңсоо, көпчүлүккө маалым өткөн окуялар же фактылар. *Чубактын кунундай.*

**АЛМА** 1. Майда данектери бар ири мөмө ала турган жемиш багы. *Алма, өрүгү көтөрө албай мөмөсүн, Денин жыйып жүгүнгөнүн көрөсүң* (Токомбаев). *Өзгөчө алма бактын жыты кандай, Издесем атырды да таппайм андай* (Нуркамал). 2. Ушул бактын мөмөсү. *Апорт алмасы. Ак алма. Эрте бышуучу алма. Көмкөрүлгөн чыныдай кызыл алма, Чөмүлгөнсүп жыпарга кайсы жайда* (Үмөталиев).

**АЛМА БАШ** Эпостордо кезигүүчү эски мылтыктын бир түрү. *Алма баш мылтык асынган, Аяктай ташка жашынган* (Тоголок Молдо).

**АЛМА БЫШ, ООЗУМА ТҮШ** Кыйналып эмгек кылбаган, даяр оокатка көнгөн, жатып ичер (адамдарга карата). *Булардын деги башы иштеген немелерби, же алма быш, оозума түш дегендердин өзүбү?* (Медетов).

**АЛМА-ТЕЛМЕ** (алмай-телмей) **алмак-салмак** менен бирдей. *Биздин келер-конорубуз эскертилбегенде да, таңыркагансып алма-телме тиктеп алды* (Касымбеков).

**АЛМАЗ** 1. Жалтырактыгы жана катуулугу жагынан бардык башка минералдардан жана асыл таштардан өзгөчөлөнгөн, көбүнчө түссүз келген тунук кымбат баалуу таш. *Суктандырат Ала-Тоо неге мындай, Каухар менен алмаздан жүк жыйгандай* (Үмөталиев). 2. Ушул таштын кичинекей бөлүкчөсү коюлган айнек кесүүчү аспап. *Алмаз менен айнек кесет.* 3. *өт.* Курч, өткүр. *Биздин чапкан алмаз болот кылычтын Өткүрлүгүн кылым бою эстесин* (Осмонкул).

**АЛМАК-САЛМАК** Биринен сала бири, биринен кийин бири, кезек менен. *Калмак менен кыргызы Алмак-салмак атышып, Көкөтөйдүн жамбыга, Алек болуп жатышып* («Манас»). *Сүттү сабага куяры менен алмак-салмак бышат* (Токомбаев). *Көөрүкчүнүн барсканы менен карыянын балкасы дөшүдө жаткан кызыл темирди алмак-салмак койгулап, ийлей баштады* (Убукеев).

**АЛМАКЕЙ** *диал.* 1. Кайра-кайра ала берүүчүлүк. *Алмакейи да бат, бермекейи да бат.* 2. Алмакей-чалмакей, будуң-чаң, башаяксыз. *Ай ушундайсың, алмакей-чалмакей кыласың да жүрөсүң.*

**АЛМАЛЫ алмалуу** менен бирдей.

**АЛМАН I** *эск.* Түтүн башынан алына турган салык, алым. *Түгүнө алман салганы.* («Манас» С. К.). *Алман алып, эл жемек, Манаптан нуска калган дейт* (Тоголок Молдо). *Алман зекет үшүрүн, Билгениңче алгын деп* («Эл адабияты»).

**АЛМАН II** Алгыр. *Алман бүркүт.*

**АЛМАН III албан** менен бирдей. *Алтыбай өзү кан болуп, Алман салык тапшырган* («Эр Табылды»).

**АЛМАС** *туурасы:* **алмаз.**

**АЛМАЧ** Аркы-терки. *Алмач өркөчтүү төө.*

**АЛМАЧЫК** *диал.* Даамы ачуу, алма сыяктуу мөмөсү бар жапайы бак, жапайы алма.

**АЛМАШ** 1. Биринин ордуна экинчисин берип айырбаштоо, айырбаш кылуу. *Ак тамдарга алмашканбыз, Боо-чууларын өргөөңүн, Өзүң көргөн тайпаң жерге, Кыштак салып бергемин!* (Бөкөнбаев). *Бул атты Макем бир ат, бир кулундуу бээге алмашпай койгон* (Каимов). 2. Оошуу, кезектешүү. *Күндөр жылып, айлар алмашты* (Абдукаримов).

**АЛМАШТЫР алмаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Тиги буудайдын жарымын жүгөрүгө алмаштырып сээп алалы* (Жан-

төшев). *Кээлерин үч-төрт жолудан алмаштырдык* (Мавлянов).

**АЛМАШУУ I** Буюм же башка нерселерди биринин ордуна башкасын айырбаштоо. *Ал машинасын алмашууга койгон. Кантсе да жетекчилердин алмашуусу кесепетин тийгизбей койгон жок* (Турсунов).

**АЛМАШУУ алмаш** этишинин кыймыл атоочу. *Тажрыйба алмашуу.*

**АЛМАШЫЛ алмаш** этишинин туюк мамилеси. *Алмашылган буюм.*

**АЛМОНЧОК** *диал.* Эң тунук. Кызыл же кызгылт түстүү таза мончок. *Алоосуна гүлдөрдүн табынамын, Алмончогун жакама тагынамын* (Байзаков).

**АЛМОНЧОКТОЙ** Жакшынакай, татынакай, сүйгүнчүктүү. *Ал дагы бирөөнүн алмончоктой баласы. Көп эле колдон келет кыла бербе* («Кыргызстан маданияты»).

**АЛМУРУТ** 1. Чоң, сүйрү мөмөлүү дарак. *Алмурут деп бир жемиш Жаңы чыкты ушулар* (Тоголок Молдо). 2. Ушул дарактын мөмөсү. *Павильондордо алма, алча, коон, дарбыз алмурут, жүзүм сыяктуу дүйүм жемиштер турат* (Байтемиров).

**АЛМУРУТТУУ** Алмуруту бар, алмуруту көп. *Үстү жагы алмалуу, алмуруттуу дөбө* (Бөкөнбаев).

**АЛМУСТАКТАН БЕРИ** Байыртадан, атам замандан, илгертеден, мурунтан бери. *Алмустактан бери келе жаткан ата наркыбыз ага жол бербейт* (Абакиров). *Байымбет тээ алмустактан берки кыргыздардын түп жаралышынан эсептеген* (Бейшеналиев). *Бул жер, кайда, алмустактан бери оорукана* (Жусупов). *Алмустактан бери адамдын баары ак шейшепте төрөлгөн беле* (Сыдыкбеков). *Ата-бабам алмустактан жаткан жерде* (Өмүрканов).

**АЛОГИЗМ** Логикасыз, логиканы танган.

**АЛОО** Жалын, оттун жалыны. *Ашыглык табы күйдүрөт дечи, Алоого салып аябай кыйнап* (Байзаков). *Алоосу менмин өчпөгөн, Албырган жүрөк отунун* (Бөкөнбаев).

**АЛООЛО** Жалындоо, жалындап күйүү. *От алоолоп күйүп, казан шакылдап кайноодо* (Баялинов). *Алоолоп жанган куурайдын учкундары түндүктөн көрүнөт* (Жантөшев).

**АЛООЛОН** 1. **алооло** менен бирдей. *Мешке салынган таш көмүр алоолоно күйүп, үйдүн ичи ысып чыкты* (Сасыкбаев). *Алоолонгон от бир кыйла жерди жарык кылып турат* (Абдукаримов). 2. Кыпкызыл болуп албыруу, жалын сыяктуу кызарып желбирөө (көбүнчө кызыл тууга, желекке карата). *Биздин жүздөрүбүз алоолонуп, уялып кеттик* («Ала-Тоо»). *Алоо-лонгон кызыл туу салтанаттын жарчысы сыяктанды* (Бейшеналиев).

**АЛООЛОНТ алоолон** этишинин аркылуу мамилеси. *Арзыганым – кырчын кезим, ак таңым! Алоолонткон махабаттын аптабын* (Байзаков).

**АЛООЛОНУУ алоолон** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛОЭ** Узунча келген тикендүү калың жалбырагы бар, медицинада пайдаланылуучу тропикалык жана субтропикалык чөп өсүмдүк.

**АЛП** 1. Элдик оозеки чыгармаларда өтө зор көлөмдөгү баатыр, балбан адам. 2. Өтө зор көлмөдүүлүк, теңдешсиздик. *Өзүмдүн өскөн жеримден Азамат көрдүм, алп көрдүм* (Осмонов). *Айтматовдун Алп караанı көрүнөт, Сөздөрүнөн Шоола шаңы төгүлөт* (Акматалиев). *Жер-Эненин кучагында мемиреп, Аалам алпы, Айтматов да жатыры* (Акматалиев).3. Дөө. *Жер жүзүнүн алптары, Каптаган менен жеңбейт – дейт.* («Манас» С. К.). *Алп мүчөлүү. Алп денелүү.*

**АЛП КАРА КУШ** Жомоктордо айтылуучу эң зор, алгыр, алп канаттуунун аты.

**АЛП ООЗ** Оозуна келген сөздү тергебей, ылгабай сүйлөй берген, оозу менен оттоп коймо. *Алп ооз Чоюбек дагы кеп кыстарды* (Бейшеналиев). *Бирок большевиктер шаарга келди деген ушакты буржуазиянын алп оoздору небак таратып бүткөн* (Ашымбаев).

**АЛП УЙКУ** Эпикалык салттык мотивдердин бири. Түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларынын көпчүлүгүндө баш каармандын душман колуна түшүп туткундалышы негизинен, анын узакка созулган алп уйкусу менен байланыштырылат. *Алп уйкудан салды эми* («Семетей» С.К.).

**АЛПАР** Алып баруу, жеткирүү. *Танабай жоргону жетелеп сууга алпарды* (Айтматов). *Алпарган жол кайра туулган жериңе Апкелсе экен сени…* (Эралиев).

**АЛПЕЙИМ** 1. Ток пейил, салмактуу, бир нерселерге көз артпаган жоош, жайдары мүнөздүү. – *Тамак ичип кетсин, өзүңүз да отуруп тамак ичиңиз, – деп Жолбунов алпейим тартып чебеленди* (Каимов). 2. Пейили жактырган, жакын санаган, сыйга арзыган (киши жөнүндө). *Карт жоокер азаптуу күндөрдү бирге баштан кечирген алпейим адамын унутпай бизге кат жолдоп жатпайбы* («Кыргыз адабияты»).

**АЛПЕЧТЕ алпеште** менен бирдей. *Энеси алпечтеп багып өстүргөн* (Жантөшев).

**АЛПЕШ** Кастарлап багып, алаканга салып алдейлеп өстүргөндүк, өзгөчө көрүлгөн камкордук. *Жайды-жайлата атаны андасанда бир көрүп, эненин алпешин сезген чырактай үч бала да эми ата сыймыгына бөлөндү* (Абдукаримов).

**АЛПЕШТЕ** Кастарлап эркелете багуу, алдейлеп багып өстүрүү. *Алпештеп энем багуучу, Алмамбет – эрке бала эле, Сыргак* («Манас»). *Агызып ак сүтүңдү берген энем, Алпештеп жандан артык көргөн энем*

(Токомбаев).

**АЛПЕШТЕТ алпеште** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛПЕШТӨӨ алпеште** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛПЕШТҮҮ** Мээримин төгүп, өзүнө тартып турган. *Кыз, жигит каткырышат, кат жазышат, Алпештүү айлуу түндө бирге жүрүп* (Алыбаев).

**АЛПТЫК** Алпка таандык көрүнүш, алп экендик. *Алптыгына баракелде* («Ала-Тоо»).

**АЛПУРУШУУ** 1. Болгон аракетин жумшап алышуу, катуу аракет кылуу. *Ал бадылдап сүйлөп, каткыра күлүп, мастер көрсөткөн жумуштар менен алпурушуп жатат* (Сасыкбаев). *Баатыр дыйкан билек түрүп, Алп урушат жер менен* (Токомбаев). 2. Убараланууу, бир нерсе менен алек болуу. *Бир сааттай алп уруштук.*

**АЛПЫЛДА-** Чоң-чоң сугунуу. *Ата-энеңдин согум этинен алпылдап жей берип, оңолуп кете көр* (Бейшеналиев).

**АЛПЫЛДАТ алпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛПЫЛДОО алпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛСЕЙИТТЕР** Бугу уруусу. Алсейит – Мүйүздүү эненин күйөөсү. *Атым Чаргын, биздин алсейиттер мени Чаарбаш Чаргын дешет* (Абакиров).

**АЛСЫЗ** 1. Кубатсыз, дарманы жок. *Андасанда гана Беккулдун алсыз табышы угулат* (Элебаев). *Тамчы артына тамчы болуп тунук суюктук алсыз организмге куюлуп жатат* («Кыргызстан аялдары»). 2. Турмушу начар, кедей, колунда жок. *Жетим-жесир, алсызга Карабадың, беш каман* (Токтогул). *Тирүүлөй жондорунан кайыш тилген, Калса эгер төлөй албай алсыз карып* (Абдыраманов).

**АЛСЫЗДАН** Алдан таюу, начарлап калуу, шайдын кеткен абалы. *Күндөн күнгө алсызданып, өңдөн азып бараткансыды* («Ала-Тоо»).

**АЛСЫЗДАНТ алсыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛСЫЗДАНУУ алсыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛСЫЗДЫК** Алы жоктук, күч-кубатсыздык. *Келинге ачуусу кайнаган байбиче ардыгып, өзүнүн алсыздыгына ызаланып, Батинага катуу буюрат* (Сыдыкбеков). *Эркек мен эмес, аялдар бел байлап ишенгенде, менин алсыздык кылууга акым бар беле* (Айтматов).

**АЛСЫРА** Алдан таюу, алсыздануу, күчү кетип чарчоо. *Күн тийбес тамда жатамын Күч кетип, эс ооп алсырап* (Токтогул). *Канаты талып алсырап, Конууну тамга ойлоду* (Бөкөнбаев).

**АЛСЫРАТ алсыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Ажыратып аттардан, Алсыратып алайын* («Семетей»).

**АЛСЫРОО алсыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛТ алдыр** менен бирдей (эс, дем, жай сыяктуу айрым сөздөр менен гана айкашат). *Эс алт. Дем алтып, эки-үч күн үйүнө жаткырды* («Ала-Тоо»). *Жанын жай алтпады* («Чалкан»).

**АЛТАЙ ТҮЛКҮ** Түлкүнүн бир түрү. *Алтай түлкү адырда, Ак тайган жүрсө соңунан* (Үсөнбаев).

**АЛТАЙЛЫКТАР** *ж. с.* Алтайлык. Россия Федерациясындагы Алтай республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АЛТАН** *эск.* Казатта туу көтөрүүчү адам (эпостук чыгармаларда айтылат).

**АЛТАҢДА антаңда** менен бирдей. *Коюн көздөй чуркады Өскөнбай байкуш алтаңдап* (Осмонкул). *Ар кай жерде дүрбөшүп, Калмак, кытай алтаңдап* («Манас»).

**АЛТАҢДАТ алтаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛТАҢДОО алтаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛТОО** Алты деген санды жалпылап түшүндүрүүчү жамдама сан атооч. *Конокбай, мени менен алтообуз* («Эр Төштүк»)

**АЛТОРОЙ** Жер бети, бардыгы. *Алторой саяк эл калды, Бадышам артыңда бейбак мен калдым.* («Эл адабияты»).

**АЛТҮНДӨ** Бүгүн түнү, түн ичинде. *Алтүндө энең экөөң тетиги ашууну ашасыңар* (Жантөшев). *Айтып бар салам Ашымга, Алтүндө келсе жолугат* (Осмонкул).

**АЛТЫ** 6 саны, эсеби. *Бир гектар жайытка алты кой туура келет* (Убукеев). *Алты кадак даным бар, Айбашы деп тонобо* (Барпы). *Табылды бир жыл, алты айдан бери армияда кызмат кылат* (Сыдыкбеков).

**АЛТЫ САН** 1. Адамдын бардык дене мүчөлөрү, бүт организм. *Алты саның, ушул күчүң, кубатың барында эмгек кылгандан эринбе* («Ала-Тоо»). *Алты саныңар аман болсо ат арытып, сапар карытып, алыскаалыска барасыңар* (Абакиров). *Мейли эми, кантсе да ошол жол менен алты саны аман, көзгө бир көрүнсөчү деп тилечүбүз* (Жусупов). 2. Жалпысы, бүт баары, бардыгы деген мааниде. *Алты сан жыйын чогулса, Артыкча булбул көркү элең* (Бөкөнбаев). *Ырды акынга берип ырдасын, Алты сан журтум жыргасын* (Шүкүрбеков).

**АЛТЫГАНА** Майда-майда тикенеги бар сары гүлдүү бадал өсүмдүгү. *Анда-санда эрбейген алтыгана* (Жантөшев).

**АЛТЫГАТ** Бир жак бети кездеме менен капталып жасалган калың кийиз төшөнчү.

**АЛТЫЛЫК** Бетинде алты сан белгиси бар ойнолуучу карта. *Чырымдын алтылыгы. Ачанын алтылыгы.*

**АЛТЫМЫШ** 60 саны, эсеби. *Алтымыш жаш. Башыма алтымыш санаа бир келди* (Каимов). *Жол бастым бакыт издеп алтымыш жыл* (Абдыраманов).

**АЛТЫМЫШЫНЧЫ** Алтымыштын иреттик саны. *Алтымышынчы жылдар. Алтымышынчы номерлүү квартира.*

**АЛТЫН** 1. Зергерчилик иште, кымбат баанын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу сары түстөгү баалуу металл. *Жамбы алтын. Таза алтын.* 2. Ушул металлдан жасалган. *Алтын сөйкө. Алтын кашык.* 3. *өт.* Өтө баалуу, мыкты, эң сонун, жогорку сапаттагы. *Алтын билим өнөрдүн Сутун берген мугалим* (Бөкөнбаев). *Айтканын кантип унутам, Сендей алтын баламын* («Олжобай менен Кишимжан»). *Айтматов бир Алтын сымал Адам го, Дат баспаган, кадырбаркын билерге* (Акматалиев).

**АЛТЫН БАЛЫК** *астр.* Түндүк жарым шардагы топ жылдыз.

**АЛТЫН ЖААК, ЖЕЗ ТАҢДАЙ** Сөзмөр, чечен, акындыгы жетик. *Алтын жаак, жез таңдай, Акындар чыгат пендеден* (Токтогул). *Бул баатырдын, чечендин жана алтын жаак, жез таңдай акындын конушу, – деп белгилүү адамдарды санап чыкты* (Каимов).

**АЛТЫН ТОЙ** Элүү жыл чогуу жашаган жубайлардын салтанаттуу тою, маарекеси.

**АЛТЫН ШИЛЕКЕЙИН ЧАЧЫРАТУУ** Уккулуктуу, жагымдуу сөз айтуу, жакшы кабар айтуу. *Кана, карыялар, алтын шилекейиңерди чачыратып, менин суроомо жооп бергиле* (Баялинов). *Алтын шилекейимди чачыратайымбы, алгырларым, же...* (Бейшеналиев).

**АЛТЫНДА** Алтындын буусуна кармап кандоо, бышыруу, алтынга жалатуу. *Эрмитажда сакталган алтындаган скифтик калай идиш бар* («Советтик Кыргызстан»). *Төбөсүнө кийгени, Алтындаган такыя* («Эр Табылды»). *Ааламды жеке билсе да, Алтындап үйгө кирсе да* (Токомбаев).

**АЛТЫНДАТ** **алтында** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛТЫНДОО** **алтында** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛТЫНДУУ** Алтыны бар, алтын менен коолдолгон, алтын ширетилген. *Ай тийбеген туюкта, Алтындуу үңкүр уюкта* (Токтогул). *Ай тийген тоодой сеңириң, Алтындуу тондой өңүрүң* (фольклор).

**АЛТЫНЧЫ** Алтынын иреттик саны. *Алтынчы класс. Алтынчы катар. Рыспай «Алтынчы күнү кечиндени» ырдап жатты* («Кыргызстан маданияты»).

**АЛУУ** 1. **ал III** этишинин кыймыл атоочу. 2. Көп сандан аз санды алып, кемитүүнү билдирүүчү арифметикалык амал.

**АЛУУЧУ** 1. Кардар, сатылуучу нерселерди (товарларды) ала турган киши. 2. Кесүүчү. *Алуучу болсоң баш мына, «өзүңө кулдук кылдык» деп* («Семетей»).

**АЛФАВИТ** Кандайдыр бир тилдин жазуу системасына кабыл алынып, белгилүү тартип боюнча тизилген ариптердин жыйындысы.

**АЛХИМИК** *тар.* Алхимия менен иришкен адам. *Орто кылым алхимиктери.*

**АЛХИМИЯ** *тар.* Чыныгы илимий химия чыгардан мурда, орто кылымдарда пайда болгон мистикалык окуу (бул окуу жөнөкөй металлдарды алтынга айландырууга, бардык ооруларды дарылоого ж.б. себеп болгудай шумдуктуу «философиялык таш» табуунун жолун издеген).

**АЛЧА** 1. Анча кичине эмес данектүү, кызыл тоголок мөмөлүү дарак. *Алча багы. Короолордо букет койгон немедей, Өрүк гүлдөп, алча гүлдөп жарашты* (Үмөталиев). 2. Ушул дарактын мөмөсү. *Мөлтүрөп бышкан алчасы, Кыздар тизген шурудай* (Үмөталиев).

**АЛЧАЙ** Олчойгон, тарсайган чоң көрүнүштө болуу. *Аголпок тонун кийгенде, Алчайып атын мингенде* («Семетей»). *Алчайып атка минди. Атан төөдөй алчайып.*

**АЛЧАЙТ** **алчай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЧАКТА** 1. **алчаңда** менен бирдей. *Бактым эле, чырагым Эркеледиң алчактап* (Токтогул). 2. Табында турган (жүдөңкү эмес, семиз) аттын чуркабаган, бирок басыктуу ылдам жүрүшү.

**АЛЧАКТАТ** **алчакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Алчактатып ат минсе, Арагы жок мастык кез* (Жеңижок). *Атың тим эле алчактайт да, башын тартсаң боло* («Адабий Ала-Тоо»).

**АЛЧАКТАТА** Тың, жүрүштүү атты шаштыра катуу теминип. *Алчактата бастырып, түптүз келе жатты* (Турсунов).

**АЛЧАЛУУ** Алчасы бар, алчасы көп. *Алыстан келип эс алсам, Алчалуу, шактуу дарагым* (Алыбаев). *Алчалуу чарбак.*

**АЛЧАҢДА** 1. Өзүн эркин сезүү, эркелеп оюна келгенин кылуу. *Аталуу баладай алчаңдап, энелүү балдардай эркелөө, Чолпонбай үчүн чектелди* (Жантөшев). 2. Табында турган аттын башты жогору чулгуп алчыланып басышы. *Аргымак күлүк алчаңдайт Аземдеп токуп мингенде* (Токтогул).

**АЛЧАҢДАТ** **алчаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЧАҢДОО** **алчаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЧАЮУ** **алчай** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЧИМБАР** Аялдын кымбат баалуу сырт кийими. *Гүл мык каккан челегиң, Алчимбардай желегиң.*

**АЛЧЫ КӨЗ** Чалыр көз, кылыр көз. *Ошондо Кашкараалынын алактаган алчы*

*көзү алты жакты карап, аңтарыла түшүп, а бирок түлкү тиктеш кытмырлыгынан жанбай турду* (Станалиев).

**АЛЧЫ** Чүкөнү өкчөгөндө таасына карама-каршы бети, айкүр жагынан конушу. *Сакасы алчы конду.*

**АЛЧЫ-ТААСЫН АҢТАРУУ** Ийне-жибине чейин териштирүү, майда-чүйдөсүнөн бери иликтөө, изилдөө. *Менин ырларымдын жана аңгемелеримдин алчы-таасын аңтарып, аягында мындай деди* («Кыргызстан маданияты»).

**АЛЧЫ-ТААСЫН ЖЕГЕН** Ар нерсеге өтө эпчилдик менен мамиле кылган, абдан тапан, өтө куу, ашкан митаам. – *Ээ, үке! Чылым менен ичкилик жана да алчы-таасын жеген куулук, мойну жар бербеген жалкоолук, арамзалык эр адамдын аталык касиетин качырат* («Ленинчил жаш»). *Мындай шылдыңдын далайына какталып, алчы-таасын жеген кыйды таз – Муратаалы* (Бейшеналиев). **В.: Алчы-таасын мүлжүгөн.** *Ал баягы алчы-таасын мүлжүгөн айтылуу Карабай старчын экен* (Элебаев). **Алчы-таасын кемирген.** *Алчы-таасын кемирген шумпай өңдөнөт* («Ала-Тоо»). *Алчытаасын кемирген, Челектей болуп семирген* («Чалкан»).

**АЛЧЫ-ТААСЫНАН ЖАЗБАГАН** Абдан машыккан, эч жаңылбаган, өтө так, иштин, же айланын бардык ыкмасын билген. *Кенжебек Жуматаев райондогу иштерди оперативдүүлүк менен башкаруу жагынан алчытаасынан жазбайт* (Жантөшев). **В.: Алчысынан жазбаган.** *Алчысынан жазбаган адам.*

**АЛЧЫЛАН** Бой көтөрүп короздонуу, койколондоо, көзгө көрүнүүгө аракет кылып жагалдануу. *Алчыланган жигит. Аксакал алчыланып ылдый чапты, Найзаны оң колтукка таамайлашты* (Маликов).

**АЛЧЫЛАНТ алчылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЧЫЛАНУУ алчылан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЧЫН БАЙЫР** Кол менен токулуучу кездеменин түрү.

**АЛЧЫН** Жер ченегич. Узундукту өлчөө куралы. *Беш-алты алчындан жуп-жубу менен кете берет* (Даникеев). *Ал ордунан турду да, колунан алчынды жулуп алды, «Мен өлчөймүн» деп* (Мавлянов).

**АЛЫ-ЖАНЫ КАЛБОО** *к.* **Жан-алы калбоо.**

**АЛЫК** *эск.* Алым, салык. *Анча-мынча кечпестен, Арбын болду алыгың* (Тоголок Молдо).

**АЛЫМ** 1. *тар.* Көз каранды элден алынган салык. *Кыйнап алым алгамын* («Семетей» С.К.). *Алым бербей койгонду, Арык койдой тырайтып, Союп салды деп уктум* («Манас»). *Адилетсиз залимдин, Алымы качан жоголот?* (Токтогул). 2. Тогуз коргоол оюнунда уткан киши алган байге, утуш. 3. Элге же айрым бирөөгө жагымдуу болгондук, ишенимине киргендик, алымдуу болгондук. *Кишиге алымы болсо, минтип кор болбойт эле го?* («Ала-Тоо»). 4. *мат.* Бөлчөк сызыкчасынын үстүнө жазылып, бөлүнүүчү болуп келген сан.

**АЛЫМ АЛУУ** Өрмөк согуу ишине байланышкан атайын ык. *Алым алып иштесе, Катындын чери жазылат* («Залкар акындар»).

**АЛЫМ-БЕРИМ** Орточо, анчалык деп айтар эмес. *Алым-берим сүтү бар уй.* 2. Алдыберди.

**АЛЫМ САБАК** Биринен кийин экинчиси улам кезектешип ырдаган айтыш. *Жер жаңырткан мукам үндөрү менен алым сабак айтышып ырдай кетишти* (Тоголок Моддо). *Мектеп балдары менен алым сабак айтышты* (Сыдыкбеков).

**АЛЫМДУУ** Жагымдуу, адамга жакшы мамилелүү, адамгерчиликтүү, илбериңки. *Ким көпчүлүккө алымдуу болсо, ошонун иши озот* (Сыдыкбеков).

**АЛЫМДУУЛУК** Кишиликтүү адамдар менен бат мамилелешип кетүүгө жөндөмдүү, алымы бардык. *Адамга алымдуулугу бар жигит.*

**АЛЫМСЫН** Бирдемеге ыраазы болуу, канааттануу. *Кээде Жийдекан таап келгениме алымсынбайт* (Элебаев). *Башкарма буга да алымсынган жок* («Чалкан»).

**АЛЫМСЫНАРЛЫК** Көңүлгө толорлук, алымсынууга болорлук, канааттанарлык, ыраазы кыларлык. *Адам алымсынарлык эчтемеси жок. Алымсынарлык абалда болуу.*

**АЛЫМСЫНДЫР алымсын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЫМСЫНДЫРАРЛЫК** Алымсынарлык, канааттандырарлык.

**АЛЫМСЫНУУ алымсын** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЫМЧА** Бир нерсеге, көбүнчө ой пикир, бүтүм, токтом, чечим сыяктуу көрүнүштөргө өзгөртүү кийирип, тийиши жок деп эсептелгендерин алып таштоо жөнүндөгү сунуш, пикир. *Токтом алымча, кошумчасы менен кабыл алынды. Тойду өткөрүү жөнүндө менин пикирим ушундай, силердин кандай алымча-кошумчаңар бар? – деди аксакал тургандарды айландыра карап* («Кыргыз руху»).

**АЛЫН** 1. **ал III** этишинин туюк мамилеси. *Кепке алынды. Үйгө алынып келди. Көптөгөн товарлар сатылып алынды. Ишке алынды.* 2. Көпчүлүккө же айрым бирөөлөргө жак, ишенимге кир. *Көпчүлүккө алынып, баркка ээ болуу. Кишиге бат алынып кетүү.* 3. Өзгөгө өз катары көрүн, өз бала болуп эсеп кылын. *Кой козусуна алынды. Өгөйгө өз баласындай алынган эне.*

**АЛЫНЧА** 1. Колдон келишинче, мүмкүнчүлүгүнө, шартына жараша. *Айлыбыз жакын аралаш, Алынча ойноп күлөлүк* (Тоголок Молдо). 2. Анча-мынча, чакан, анчалык эмес. *Алынча оокат, малы бар Байсымак жанга жолукту* (Тоголок Молдо).

**АЛЫП САТАР** Кызыл кулак, соодагер, чайкоочу. *Алып сатарлардын арманы* («Чалкан»).

**АЛЫП УРУУ ЖЕ КӨТӨРҮП УРУУ** Жыгуу. *Акылгер алпты жыгар ыгын тапты, Айлантып алып уруп жерге чапты* (Акаев). *Кыйкырык-сүрөөн укканда, көтөрүп уруп жамдаса, Балбандын көркү билекте* (Жантөшев).

**АЛЫС** 1. Узак, жакын жерден эмес, ыраак. *Кийимсиз, ач курсактарга алыс барып окуунун өзү да кыйын* («Эркин Тоо»). 2. Кыйыр, жакын эмес (тууганчылыкка карата). *Алыс тууган.*

**АЛЫСКЫ** Ыраактагы, ыраак жердеги, алыстагы. *Алыскы Ала-Бел жактан коркунучтуу кара булут көрүндү* (Каимов). *Алыскы сүйгөн жерди эстеп, Акырын Жапар ырдады* (Бөкөнбаев).

**АЛЫССЫН** Алыс болуп көрүнүү, алыс деп кабыл алуу, алыс деп баалоо. *Силердин айылды алыссынып, жакын жерге барып келе коймокчу элем* («Ала-Тоо»).

**АЛЫССЫНТ алыссын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЫССЫНУУ алыссын** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЫСТА I** Алыс жерде, алыс аралыкта. *Алыста кыркаланган тоо, андан берки теребел бүт ээн талаа* (Айтматов).

**АЛЫСТА II** 1. Алыс кетүү, узап кетүү, алыс болуп жакшы сезилбей, көзгө илешпей калуу. *Аңгыча караса, кыштактан алда кайда алыстап кетишиптир* (Байтемиров). *Мамбеттин үңүлдөгөн үнү алыстай баштады* (Каимов). 2. Баштагыдай көп аралашпай, байланышпай, жакын жолобой калуу, оолак жүрүү, четтей баштоо. *Жолобой калат билгендер, Алыстайт бирге жүргөндөр* (Шүкүрбеков). *Калыңга мал таба албай, Алыстап жүргөн арачы* (Тоголок Молдо).

**АЛЫСТАН** Жакын жерден эмес, алыс жерден, алыс аралыктан, ыраак жактан, башка өлкөдөн. *Алыстан көрүнгөн жашыл тоонун башында ак булут* (Бөкөнбаев). *Ал билген алыстан келген баланы дал ушул суроо кыйнап жүргөнүн* (Акматов).

**АЛЫСТАТ алыста** этишинин аркылуу мамилеси. *Үй-жайынан, туугандан алыстаткан ичкиликтен эмнени көрбөдү* («Чалкан»).

**АЛЫСТОО алыста** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЫСТЫК** Ыраактык, обочолук, жакын эместик, эки ортодогу аралык. *Көрүнгөн тоонун алыстыгы жок* (макал). *Кыштак алыстык кылбайт. Жапар аркан бою алыстыкта жаткан командир Соловьевди көрүп калды* (Баялинов),

**АЛЫСЫН** Чабылган же мурда мал оттогон жерге чыккан жаш чөп. *Суу боюндагы алысын чөп. Күзгү алысында оттогон мал. Сакалы алысын чөптөй жайкалат.*

**АЛЫСЫНДА** Алысындап чыгуу (чөп жөнүндө), алысын болуп көгөрүү. *Күзүндө алысындап чыккан көк майсаң менен бедenin көрпөсүн оттогон кулун-тайлар. Чөп алысындады.*

**АЛЫСЫНДАТ алысында** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛЫСЫНДОО алысында** этишинин кыймыл атоочу.

**АЛЫШ I** Өзөндөн сугатка ж.б. бөлүп алынган сууну жүргүзүү үчүн казылган арык. *Сен эмгектин каарманы, Жаңы алышка суу бурган* (Үмөталиев).

**АЛЫШ II** 1. **ал III** этишинин кош мамилеси. *Капты аттын үстүнөн алыша койчу.* 2. Бири-бири менен кармашуу, салгылашуу. *Алышса адамдын алы жетпеген, Арстандын тиши өтпөгөн* («Манас»). *Азаматтын бири экен Алышалы деп келдик* (Токтогул). *Алышкан айгырдай болуп, тирешип калышты* («Ала-Тоо»). 3. Бир нерсеге катуу аракет кылуу, алп урушуу. *Үч күндөн бери там менен алышып отуруп, бүгүн араң чатырын жаап бүттүк* («Ала-Тоо»).

**АЛЫШ-БЕРИШ** Бири-бири менен болгон алма-берме байланыш, карым-катыш. *Анжыяндын Сынчыбек Алыш-бериш кылгандай, Анын журту мында жок!* («Семетей»). *Азырынча колунан келгендер гана алыш-бериш жүргүзүүдө* («Ала-Тоо»).

**АЛЫШТЫР** 1. **алыш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Айгырларды алыштырбай, алыс-алыс байлоо керек* («Ала-Тоо»). 2. Алмаштыруу, биринин ордуна экинчисин берүү. *Бая Шамбет экөөбүз көйнөк алыштырып кийген элек* (Сыдыкбеков).

**АЛЫШУУ** 1. **алыш II** этишинин кыймыл атоочу. 2. Алмашуу, биринин ордуна экинчисин берүү.

**АЛЬБИОН** *саяс.* Британия аралдарынын байыркы наамы. Кээ бир учурларда саясий адабиятта, азыр да Улуу Британияны билдирүү үчүн пайдаланылат.

**АЛЬБОМ** Беттерине ыр жазууга, сүрөт тартууга, фотография, открытка, марка ж.б. жабыштырууга арналган китеп же дептер. *Балдар ыр-бий үйрөнүү менен бирге, сүрөттүү альбомдор жасашып, юбилейге белектер камдап жатышты* («Кыргызстан аялдары»). *Орус художниги П. М. Кошаров өзүнүн альбомуна кыргыз элинин турмушу менен маданиятын тартып кеткен.*

**АЛЬВЕОЛА** 1. Сүт эмүүчүлөрдүн өпкөсүндө

таралган майда бронхиолалардын аягындагы ыйлак сымал өсүндүлөр. 2. Сүт эмүүчүлөрдүн жаагындагы тиш тамырлары орношуучу чуңкурчалар. 3. Шар сымал аденомер же ацинустун өзү.

**АЛЬМАНАХ** Ар түрдүү авторлордун адабий, тарыхый же публицистикалык мүнөздөгү чыгармаларынын жыйнагы. *«Кыргызстан» аттуу альманах.*

**АЛЬПИНИЗМ** Бийик тоолорго, чокуларга чыгып багындыруу спорту (туризми).

**АЛЬПИНИСТ** Альпинизм менен аракеттенген киши. *Эки-үч күндөн соң меникине алты альпинист келди* («Агым»).

**АЛЬПИНИСТТИК** **альпинист** дегенге таандык. *Альпинисттик лагерь.*

**АЛЬТ** *муз.* 1. Хордо же вокалдык ансамблде партияларын төмөнкү үндө ырдалган балдардын же пас үндө аткарган аялдардын үндөрү. 2. Эркек балдардын конур үнү. 3. Скрипка тобуна кирген, бирок көлөмү саал чоңураак төрт кылдуу тартма аспап. 4. Аскердик оркестрде колдонулган кээ бир музыкалык аспаптардын түрлөрү.

**АЛЬТЕРНАТИВА** *фил.* 1. Бирин-бири жокко чыгарган эки же бир нече мүмкүндүктүн бирөөсүн гана тандоонун логикалык кажеттүүлүк, баалама, экөөнүн бири. 2. Бири-бирине керектөө мүмкүнчүлүгүнүн айкалышы.

**АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ** Эки же андан көп мүмкүнчүлүктөрдүн ичинен бирөөнү гана тандап алуучулук.

**АЛЬТИМЕТР** Самолёттун учуу бийиктигин аныктоочу авиациялык прибор, бийиктик өлчөгүч.

**АЛЬТРУИЗМ** Башкаларга чын дили менен кызмат кылууну, башкалардын кызыкчылыгы үчүн өз кызыкчылыгын курмандыкка чалууга даяр болууну нускоочу адеп-ахлак принциби.

**АЛЬТРУИСТ** Альтруизм принцибиндеги адам.

**АЛЬТРУИСТТИК** **альтруизм**ге таандык көрүнүш.

**АЛЬФА** Грек алфавитинин биринчи тамгасынын аты.

**АЛЬЯНС** Айрым адамдардын, саясий партиялардын же мамлекеттин жалпы бир максатка жетиш үчүн түзгөн союзу.

**АЛЭЭТ** Өлүмгө жакындоо.

**АЛЮМИНИЙ** Күмүш түстүү жеңил, ийилгич металл.

**АМАДАНА КАЙЫШ** Кайыштын бир түрү. *Атка отурса эркекче, Ойротто жок эрдиги. Атында жүгөн, куюшкан, Амадана кайыштан* (Чоробаев).

**АМАКИ** *диал.* Жээндин баласы. *Өз амакиси Каноат-шо турса, эмнесинен чочумак...* (Касымбеков).

**АМАЛ** 1. Иштелиши, аткарылышы татаал, чиелүү нерсенин жөнүн табуунун айласы, ыкмасы, арга, чара, ар кандай айла, иле. *Эки кароолчуну колго түшүрүүгө сонун амал табылды* (Жантөшев). *Кайырды жакшы көргөнү чын болсо, ал эптеп амалын табат* (Токомбаев). *Бул от басмачылардын амал менен жагып кеткен оту экендиги маалым болду* (Жантөшев). *Эки колум аркамда, Амалым жок барамын* (Токтогул). *Мындай көпкөн балдардын Амалын эртең табармын* (Жантөшев). 2. Бийлик. мансап, кызмат, чин. *Жааттташкан шайлоодо, Сатып алган амалды* (Барпы). *Мусулманкул ордого түшөрү менен миң башылык амалды дароо өзүнө ыйгарды* (Касымбеков). *Чочуп кетип бир чоң амал берип тындыра койсо тынууну болжоп Мусулманкул Нүзүптүн аталыктыгына моюн толгой баштады* (Касымбеков). 3. *мат.* Математикалык эсептөөнүн негизги түрү. *Арифметиканын төрт амалы.*

**АМАЛ АЛУУ** 1. Иш, аракет, кыймыл, бийлик. 2. Айла, куулук. 3. *өт.* Жандануу, эр алуу, күч алуу, кубаттануу. *Амал алдым сиздерден* («Манас» С.О.).

**АМАЛ БАРБЫ** *к.* **Айла канча.**

**АМАЛ ИЛИМ** Айла-амал илими, сыйкырчылык, аярлык өнөр. *Амал илим өнөрүн, үйрөтүптүр бушайга* («Манас» С.О.).

**АМАЛ КАНЧА** *к.* **Айла барбы.**

**АМАЛДА** Амалын, жолун, эбин таап, айласын кылуу. *Амалдап кармоо. Кутулду бир ажалдан туткун карып, Амалдап куу зулумду көйгө салып* (Бөкөнбаев).

**АМАЛДАН** Амал кылуу, айла табуу, куулануу. *Ойлонуп жолду карай амалданып, Жеткенде чал жыгылды эстен танып* (Токтомушев). *Начальник алиги ооруп жаткандын жанына барып: – Амалданбай тургунуң! – деди* (Бейшеналиев).

**АМАЛДАНТ** **амалдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АМАЛДАНУУ** **амалдан** этишинин кыймыл атоочу.

**АМАЛДАР** Белгилүү бир кызмат ордун ээлеген адам, мансабы, бийлик даражасы бар кызматчы, чиновник. *Эптеп эле бир шылтоо болсо казынаны талап турган амалдарларды Нүзүп катуу теске алды* (Касымбеков). *Амир койгон амалдардын бири калтырылбай баштары алынды* (Касымбеков).

**АМАЛДУУ** Ар кандай абалдан чыгуунун амалын жакшы билген, айлакер, амалкөй. *Бир амалдуу адис мергенчи уядан бир жорунун балапанын алып багат* (Тоголок Молдо). *Анда да биздей балбан бар, амалдуу кыйла жандар бар* («Эр Табылды»).

**АМАЛДУУЛУК** Амал таба билгендик, жол тапкычтык, айлалуулук. *Түлкүнүн амалдуулугун.*

**АМАЛКЕЧ** **амалкөй** менен бирдей.

**АМАЛКӨЙ** Амалкеч, амалдуу, илелүү, митаам. *Атам амалкөй, сөзгө абдан уста* (Жантөшев). *Айла тапчу амалкөй, Аксакал Кошой каны жок* («Манас»).

**АМАЛКӨЙЛҮК** Айлакердик, амалдуулук, илелүүлүк, митаамдык. *Амалкөйлүктөн пайдаланууга болот, бирок амалкөйлүк менен жашоого болбойт* (Каимов).

**АМАЛСЫЗ** Айласыз, аргасыз, айла жок. *Кош, аман бол, туугандар, Токтогул деп томсоруп, Амалсыз карап тургандар* (Токтогул). *Аты жаман Курманбек, Амалсыз мага алдырат* («Курманбек»).

**АМАЛСЫЗДАН** Айласы жоктон, амалы түгөнгөндөн, эч ылаажы болбогондуктан. *Бурмаке балага чын ниети менен айткан жок, амалсыздан жан айласы үчүн айтылган кеп эле* (Элебаев). *Алсыраган кедейлер, Амалсыздан көнүшөт* (Токтогул).

**АМАЛСЫЗДЫК** Айласы жоктук, амалы түгөнгөндүк, ылаажы болбогондук, айла куругандык.

**АМАЛЫ ТҮГӨНҮҮ** Бир нерсе кылууга, же бир нерсеге каршылык көрсөтүүгө кудурети жетпөө, аргасыз абалда калуу. *Амалы түгөнгөн Тополоң төшүн дагдайтып, төрдү баштанып жатты* (Осмоналиев).

**АМАЛЬГАМА** *хим.* Кандайдыр бир металлдын сымап аралаштырып эритилген кошундусу. *Цинк амальгамасы.*

**АМАН** 1. Соо-саламат, сак, эсен-соо, тирүү. *Асылым аман турганда, Анык эле жыргашым* (Тоголок Молдо). *Аманында көрбөдүм, Аркамда жалгыз баламды* (Токтогул). *Иван Алексеевич, абалыбыз ушул, бир кырсыктан аман калдык* (Сасыкбаев). 2. Бүлүнбөгөн, бузулбаган, өз калыбынча, соо. *Суу баскан дүкөндөрдүн дүнүйөлөрүн аман сактап калуу чараларын көрүштү* («Эркин тоо»). *Осиптин колу-буттары, жилик-мүчөлөрү аман* (Сасыкбаев). 3. ***Амансыўарбы же амансыўбы.*** Учурашканда, саламдашканда айтылат. *Ой, агатай, амансыңбы?* (Бөкөнбаев).

**АМАНАТ** 1. Катып, сактап жүрүү үчүн, же бирөөгө тапшыруу үчүн убактылуу берилген акча, башка нерсе же кабар. *Деги жакшы болбодубу, мынакей аманатың, ыйык парзымдан кутулайын* (Айтматов). *Ашым ич чөнтөгүндөгү аманат буюмдарды сууруп чыкты да, Айдайга сунду* (Каимов). 2. Диний түшүнүк боюнча «жан» деген сөздүн жалган дүйнөгө убактылуу келген, убактылуу жашаган деген мааниде колдонулуучу эпитети. *Ат-атына жүгүрүп, Аманат жандан түңүлүп* («Манас»). *Аманат жандын барында, Алгыла менден сүйгөнүң* («Эр, Табылды»). *Аманат жанга алек бар* («Манас» С.О.).

**АМАНАТ ДҮЙНӨ, ЖАЛГАН ДҮЙНӨ, бу дүйнө** *же* **жарык дүйнө.** Диний ишеним боюнча адам баласы өлгөнгө чейин жашап турган убактылуу дүйнө.

**АМАНДАШ** Амандыкты сурашып саламдашуу, эсендикти сурашуу. *Ражаб Аят менен амандашты* (Абдукаримов). *Аз өмүрдүн ичинде, Амандашкын күнүгө* (Токтогул). *Амандашам сүйгөн эжем Зууракан, Алындыбы жаздай баккан кызылчаң* (Нуркамал).

**АМАНДАШТЫР** **амандаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АМАНДАШУУ** **амандаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АМАНДЫК** **аманчылык** менен бирдей. *Ак калпактуу көп Кыргыз, Амандыгын сурадым* (Токтогул). *Акылдуу амандыкты тилейт, акмак жамандыкты тилейт* (макал).

**АМАНСЫҢБЫ** Учурашканда тындаган жакка карата айтылчу сөз, эсенсиңби, жакшысыңбы, кандай. *Амансыңбы, пахталуу даркан жерим! Ата-бабам агызган маңдай терин* (Байзаков).

**АМАНЧЫЛЫК** Аман-эсен, соо-саламат тургандык, сак-саламаттык, эсенчилик. *Аманчылык болсо, аны да көрөбүз* («Чалкан»). *Аманчылык болсо, тоого сени Сабира эжең өзү баштап барат* (Сыдыкбеков).

**АМАЧ** *диал.* Буурсун. *Мен ат жетелеп жүрөм. Амачты Мукбул кармайт* (Элебаев). *Биердеги кыргыздарда амач менен кетменден башка эмне бар?* (Абдукаримов).

**АМБАЛ** *эск.* Илгери Кытай тарапта округду башкаруучу адамга берилип келген чин, бир аймактын башчысы. *Киши экен Токсаба да кызыр чалган, Кытай барып, амбалдык ташын алган* (Ысмайыл). *Амбал Чулу барыптыр, Ал күнү уруш салыптыр* («Манас»). *Кытайдын амбалын да көргөм, ал да жан суурган адам эле. Алдында кызыл жапкан чоң үстөл бар, Олтурат сурак кылып улуу амбал* («Эл адабияты»).

**АМБАР I** Кампа. *Амбар толгон алтын калды* («Семетей»).

**АМБАР** *диал.* **II** Кычкач, ат тиш. *Сегиз кулач сабы бар, Темирден амбар алганы* («Манас» С.О.).

**АМБИЦИЯ** Текеберчилик, кекирейчүүлүк.

**АМБРАЗУРА** Коргонуу жайларындагы, кемелердеги, танктардагы ж.б. ар кандай куралдар менен ок атууга ылайыкталган тешик.

**АМБУЛАТОРИЯ** Келип кетүүчү жана үйүндө жаткан сыркоолорду дарылоочу мекеме.

**АМБУЛАТОРИЯЛЫК** **амбулатория** дегенге таандык. *Амбулаториялык дарылоо.*

**АМБУР** Ат тиш, кычкач.

**АМЕБА** Денеси улам жылып бара жаткан жагын көздөй созулуп кыймылдоочу эң жөнөкөй, бир клеткалуу жаныбар.

**АМЕЙ** *диал.* Чочуп кетүүнү туюндуруучу сырдык сөз. *Амей, жаман, антсең ал жаман*

*көрөт.*

**АМЕЛИЯ** *биол.* Мунжулук, колу-буту жоктук.

**АМЕРИКАЛЫКТАР** *ж. с.* америкалык. Америка Кошмо Штаттарынын калкы.

**АМЕТИСТ** Минерал, кварцтын тунук сыя көк түстүү түрү, орточо баалуулуктагы таш, зергерчилик иштерде пайдаланылат.

**АМИН** 1. Айыл ак сакалы. 2. *өт. диал.* Айылдык кеңештин башчысы, айылдык советтин төр агасы. *Эртең, Сайкал, аминге өзүңүз барыңыз* (Убукеев).

**АМИНДАР** Салабаттуу адамдар деген маанинде. *Аминдар көрсө саткын деп, Далайлар муну талашкан.* («Эл адабияты»).

**АМИР I** Чыгыштагы кээ бир мусулман өлкөлөрүнүн башкаруучуларынын титулу жана ушундай титулу бар башкаруучу.

**АМИР II** Буйрук, бийлик. *Баятан бери байынын амирин күтүп, көзүн алаңдатып, эл четинде отурган Алаңкөз ордунан тура калды* («Ала-Тоо»). *Аптыгып Азиз хандын амиринен, Сынчылар башын чайкап, көзүн жумган* (Осмонов).

**АМИРАН** Улуу даражалуу аким, буйрук берүүчү. – *Амиран, – деди Абдыракман аптабачы акырын, ызат менен, – өзүбүз эле жайгарбайбызбы өз чатагыбызды* (Касымбеков).

**АМИРКЕН** *сүйл., эск.* Лак менен капталган, лакталган булгаары жана ушундай булгаарыдан жасалган бут кийим (көбүнчө маасы). *Амиркен алып бергенсип, Жылаңаяк көптү дейт* (Шүкүрбеков).

**АМИРЛИК** Бийлик жүргүзгөндүк (мамлекет маанисинде). *Бухара амирлигине ыкрар кылбаган кыйла күчтүү мамлекеттин башында турганын көргөн соң, дагы жер кеңитишке катуулап кириште* (Касымбеков).

**АМЛЯК** 1. *тар.* Бухара хандыгынын убагында салыктын түрү. 2. *тар.* Чоң жер ээлөө, жеке менчик жер. 3. Мүлк, жеке менчик.

**АМЛЯКДАР** 1. *тар.* Айрым аймактарга салык салып туруучу мансап адамы, мансап ээси. 2. *тар.* Бухара хандыгынын убагында, амлякты башкарып туруучу адам, мансап ээси.

**АММИАК** *хим.* Азот менен суутектин кошулганынан келип чыккан, сууда эриткенде нашатыр спирти дегенди пайда кылуучу түссүз, жыты сасык газ.

**АММОНАЛ** *хим.* Тоо-кен өнөр жайларында жана согуш иштеринде колдонулуучу жарылуучу зат.

**АММОНИЙ** 1. *хим.* Азот менен суутектен турган атомдор тобу (техникада жана айыл чарбасында кеңири колдонулуучу). 2. Ачыткы ордуна колдонулуучу порошок (көмүр кычкыл амоний).

**АМНЕЗИЯ** *мед.* Эске түшүрүү жана эске сактоо сезиминин жоголушу, натыйжасында адамдын эске тутуунун начарлашы же болбосо жоюлуп кетиши, эсинен айрылуу, унутчаактык.

**АМНИСТИЯ** *юр.* Мамлекеттик жогорку бийликтин чечими боюнча кылмышкердин жазасына кечирим берүү, жеңилдетүү же толук кечирип жиберүү.

**АМНИСТИЯЛА** Амнистия менен бошотуу, азаттыкка чыгаруу же жаза мөөнөтүн азайтуу.

**АМОРАЛИЗМ** Моралдык жактан бузулгандык, жүрүм-туруму, тартиби начарлагандык.

**АМОРТИЗАТОР** Түртүлүү, урунуу, кагылуу күчтөрүн азайтуу, жеңилдетүү максатында машиналарга, аппаратураларга коюлуучу тетик, техникалык түзүлүш.

**АМОРТИЗАЦИЯ** 1. Машиналардын, имараттардын ж.б. негизги фондуларынын эскиришине, көптөн бери урунуп, пайдаланып келишине жараша алардын наркынын төмөндөп калышы. Машиналардын, курулуштардын ж.б. наркын иштелип чыккан продукция жагына өткөрүү. 2. Автомобиль жүргөн кезде, самолёт конгон кезде ж.б. учурларда солкулдап урунуусун азайтуу, жеңилдетүү үчүн атайын техникалык түзүлүш колдонуу, орнотуу.

**АМОРФТУК** 1. *хим.* Түзүлүшү кристалл формасында болбогон *Аморфтук заттар. Аморфтук көмүртек.* 2. *лингв.* Өзгөрүү формасы болбогон, мүчөлөр жалганбаган. *Кытай тили – аморфтук тил.*

**АМПЕР** Электр тогунун күчүн өлчөө бирдиги.

**АМПЕРМЕТР** Электр тогунун күчүн өлчөөчү прибор.

**АМПИЦИЛЛИН** *мед.* Антибиотиктер тобундагы дары.

**АМПЛИТУДА** *физ.* Термелүүчү телолордун тең салмактуулук абалына жараша көбүрөөк өзгөрүп, калыбынан тайып кетүүсү. *Маятниктин термелүү амплитудасы.*

**АМПЛУА** Актёрдун сахналык шыгына жараша аткарган ролдору. *Актер комедия, драма же трагедия сыяктуу бир гана түркүм элес-амплуаны көрсөтүү менен чектелбөө керек* («Советтик Кыгызстан»).

**АМПУЛА** Ичине аз-аздан дары, сыворотка ж.б. куюп, герметикалык жол менен бекитилген кичинекей айнек идиш. *Мен калтаарыган колум менен ампуланын мойнун сындырдым, шприцти даярдап Костяга сундум* («Ден соолук»).

**АМПУТАЦИЯ** *мед.* Оорулуу органды (колду, бутту же анын айрым бөлүктөрүн) кесип алып таштоого байланыштуу болгон хирургиялык операция.

**АМУЛЕТ** Чоң эмес моюнга илип алуучу буюм. Адамдар ар кандай оору-сыркоодон, кырсыктан сактоочу магиялык курал катары тагынышат.

**АМФИБИЯ** 1. *зоол.* Кургакта да, сууда

да жашоочу жаныбар. 2. *бот.* Сууда өсүүчү, бирок кургакта да өсө ала турган өзгөчөлүктөрү бар өсүмдүк. 3. Жерде да, сууда да конуп жана учуучу самолёт, жерде да сууда да жүрө ала турган автомобиль, танк.

**АМФИТЕАТР** 1. Байыркы Греция менен Римде, аренанын бүт тегереги же жарым-жартылай бөлүгү көрүүчүлөр отуруучу орундар менен курчалган оюн-зоок көрсөтүүчү үстү ачык курулуш. 2. Азыркы театрда партердин артындагы улам бийиктелип жасалган орундар, залдын мына ушул орундар жайгашылган бөлүгү. *Биздин белетибиз амфитеатрдан экен.*

**АМЫР** (же амир) Буйрук, өкүм. Кээде «ак амыры» катары кудайдын кылганы, жазмыш ж.б ушундай. мaанилеринде да колдонула берет. *Ак амыры буйрулган* («Манас» С.О.).

**АН I** *сейр.* **үн, обон.** *Жаз келсе жердин жүзү жайнап турган. Ан салып булбул куштар сайрап турган* (Эл ырлары).

**АНА I** *диал.* Эне. *Ким болот ата-бабасы, Кайсы элдин кызы болду экен, Ошонун тууган анасы* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АНА II** Тигине. *Алды жагын караса, Ана, ажайып тамаша* (Шүкүрбеков).

**АНА БАШЫ** Кандайдыр бир иштин, аракеттин эң биринчи баштоочусу, демилгечиси. – *Аа, мына, мына, үгүтчүнүн ана башы, кана айтчы, бизди чачылтып-чабылтканда не пайда таптың?* (Ашымбаев). *Уурунун ана башы ошол. Бул ушакты ырбаткандын ана башы береги тегирменчинин какылдагы* (Сыдыкбеков).

**АНА-МЫНА ДЕГИЧЕ** Тез аранын ичинде, арыдан бери. *Ана-мына дегиче үйдүн ичи келген кишилерге толуп чыкты* (Убукеев).

**АНАБИОЗ** *вет.* Жансерек, организмдин өлүмтүк абалы.

**АНАГРАММА** *адаб.* Терс тамга, сөздөгү айрым тамгалардын ордун алмаштырып жаңы сөз жасоо.

**АНАДОЛ** *вет.* Ооруну басаңдатуучу касиети бар дары.

**АНАКЕЙ** Тигине, тигинекей. *Анакей, күүлөнгөн күлүктөрдү көрүп ал!*

**АНАКОНДА** *биол.* Түштүк Американын дарыяларында жашоочу чоң жылан.

**АНАКРЕОНТИКАЛЫК ПОЭЗИЯ** *адаб.* Санаасыз, бейгам турмушту, ичимдик-шараптарды, сүйүүнү даңазалаган античный поэзиянын бир түрү. Бул лирикалык поэзиянын аталышы б.з.ч. VI к. ушу ырлардын автору *Анакреонт* деген акындын атынан алынган. *Сөз меники. Ордуңардан туруңар Карындаштар, теңтуш, курдаш, курбулар. Мына, мына алдыбызда эки ашык, Ичели, ичели!* (Осмонов).

**АНАЛИЗ** 1. Бүтүн нерсени тутумдук бөлүктөргө ажыратуу жолу менен жүргүзүлүүчү илимий изилдөө методу, синтездин карама-каршысы. 2. Кандайдыр бир заттын тутумдук бөлүктөрүн, касиеттерин талдап аныктоо. *Анализдерди толук карап, күчүктү биротоло текшерип болгондон кийинки мал догдурдун айткандары кечээкиден да жаман болуп чыкты* (Акматов). *Химиялык анализ. Кандын анализи.*

**АНАЛИЗДЕ** Иликтөө, анализ кылуу, талдоо жүргүзүү, талдап көрүү.

**АНАЛИЗДЕГИЧ** *к.* **иликтегич.**

**АНАЛИЗДЕТ** **анализде** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНАЛИЗДӨӨ** **анализде** этишинин кыймыл атоочу.

**АНАЛИТИК** Изилдеп, талдап жыйынтык чыгарууга жөндөмдүү адам.

**АНАЛИТИКАЛЫК** Анализдөөгө негизделген, анализ кылуу, талдоо жагына байланыштуу болгон. *Аналитикалык метод.*

**АНАЛИТИКАЛЫК ГЕОМЕТРИЯ** Алгебра жана анализдөө методдорун колдонуу жолу менен геометриялык изилдөөлөрдү жүргүзүүчү математиканын бөлүмү.

**АНАЛИТИКАЛЫК ТИЛДЕР** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири-бирине болгон катышы мүчөлөрдүн жардамы менен эмес, сөздөрдүн сүйлөм ичиндеги орун тартиби, кызматчы сөздөр, интонация ж.б. жолдор аркылуу боло турган тилдер.

**АНАЛИТИКАЛЫК ХИМИЯ** Заттардын химиялык составын аныктоо, талдоо жагы боюнча изилдөө жүргүзүүчү химия илиминин бөлүмү.

**АНАЛОГ** Бир көрүнүштүн, нерсенин экинчи бир көрүнүшүнө, нерсеге окшоштугу, дал келүүсү, шайкештиги.

**АНАЛОГ КОМПЬЮТЕРИ** *комп.* Берилиштерди электр чыңалуусу түрүндө иштетүүчү компьютерлер.

**АНАЛОГИЯ** Предметтердин, кубулуштардын кандайдыр бир белгисине, жалпылыгына карата келип чыккан окшоштугу.

**АНАЛЬГИН** Таблетка түрүндөгү кургак дары, баш оорунун дарысы.

**АНАМНЕЗ** Оорунун келип чыгышын жана өөрчүп кетишин шарттаган себептер жөнүндөгү маалымат.

**АНАН** Кийин, кийинчерээк, андан кийин. *Таксыз айыгып оорудан, Анан элге кайталык* («Эр Табылды»). *Көп болсо дагы үч ай. Анан Касейин да келет* (Сыдыкбеков).

**АНАН КАЛСА** *же* **АНДАН КАЛСА** Айтылуучу ойду күчөтүү, бекемдөө үчүн колдонулат. *Бах! Анан калса кыргыздын жеринин кереметі бир укмуш го!* (Байтемиров). *Андан калса сенин да оройлугуң бир топ бар* («Ала-Тоо»).

**АНАНАЙЫН** *туурасы:* **айланайын.**

**АНАНАС** 1. Тропикалык өсүмдүк. 2. Ошол өсүмдүктүн сүйрүчө келген ширелүү, жыттуу чоң мөмөсү.

**АНАНЧЫ** Экинчи бир жактын айткан оюн, пикирин кубаттоо, аныктыгын, тактыгын билдирип, күчөтүү, бекемдөө маанисинде колдонулат. – *Ананчы, «катын алсаң отун ал» деген* (Сасыкбаев). – *Ананчы, жеңе «чоң» кызматтагы кишинин сүйүүсү жок болот деп жүрөсүзбү?* (Сыдыкбеков).

**АНАР** 1. Ачык кызыл гүлү бар, түштүктө өсүүчү мөмөлүү бадал-дарак өсүмдүгү. *Жемиш бак – өрүк, алма, анар, алча, Алмурут, анжыр, жүзүм дагы канча* (Абдыраманов). *Анар, анжыр гүлдөгөн Ошто көп жыл жүргөм мен* (Үмөталиев). 2. Ушул бадал-дарактын мөмөсү. *Анардын составында ден соолукка пайдалуу витаминдер көп. Гулайымга анар, кургатылган алча сыяктуу кычкыл жемиштер жагат* (Абдукаримов).

**АНАРДАЙ** Кыпкызыл, кызарган. *Эки беттин кызылы Эпкинге бышкан анардай* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АНАРХИЯ** 1. Бийликсиздик, башкаруусуздук, баш аламандык; 2. Ушундай абалды нормага айлантып алган коомдук түзүлүш. 3. *өт. сүйл.* Башсыздык, тартипсиздик, баш аламандык, иретсиздик.

**АНАСТОМОЗ** *вет.* Кан тамырларынын же нерв тамырынын бири менен бири улашып өсүп кетиши.

**АНАТОМ** Анатомия боюнча адис адам.

**АНАТОМИЯ** Жандуу организмдин түзүлүшү, кызматы жана өнүгүшү жөнүндөгү илим. *Анатомия окуу китеби. Адамдын анатомиясынын атласын Надя экөө талкуулаша беришкен* (Бейшеналиев).

**АНАТОМИЯЛЫК** **анатомия** дегенге таандык. *Анатомиялык изилдөө. Анатомиялык атлас.*

**АНАФОРА** *адаб.* Поэтикалык текстте жарыш катарда бир эле элементтин кайра-кайра кайталанышына негизделген стилистикалык каражат.Тыбыштык анафора бир эле тыбыштын кайталануусу менен жасалат. *Букардын тоосу бурулуш, Бурулуп учат улуу куш* (Токтогул).

**АНАХРОНИЗМ** 1. Жыл санакка туура келбегендик, мезгилден жаңылышуу. 2. Кайсы бир доорду сүрөттөөдө (мис., көркөм адабият, искусство чыгармаларында) ага таандык эмес көрүнүштөрдүн кирип кетиши. 3.Учурдагы турмуш шартка ылайык келбеген эскинин калдыктары, салт, артта калган көз караш.

**АНАЧЫ** Төрөткө жардам берүүчү эмчи аял. *Эчки өзү туйуй албай жатып, койго аначы болуптур* (лакап).

**АНБИЯ** *дин.* Пайгамбар, өкүл. Жекелик түрү – наби.

**АНВАР** Нур, жарык, шоола. Жекелик түрү – нур.

**АНГАР** Самолётторду коюуга, сактоого жана утурумдук ремонтторун жүргүзүүгө ылайыкталган атайын жай.

**АНГИНА** Тамактын былжырлуу катмары сезгенген оору. *Акматта ангина оорусунун бар экендиги табылды* («Ден соолук»).

**АНГИОЛОГИЯ** *биол.* Анатомия илиминин жүрөктү, кан жана лимфа тамырларынын изилдөөчү бөлүгү.

**АНГЛИЧАНДАР** *ж.с.* англичан. Англиянын негизги калкын түзгөн эл.

**АНГЛИЯЛЫК** **англия** дегенге таандык. *Англиялык футболисттер. Англиялык жумушчулар.*

**АНГОЛАЛЫКТАР** *ж.с.* анголалык Ангола Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АНГЫЧА** *туурасы:* **аңгыча**.

**АНДА** 1. **Ал** деген жактама ат атоочтун жатыш жөндөмөсү. *Анда китеп бар, менде китеп жок.* 2. Ошол кезде, ошол убакытта. *Анда сен он беш жашта элең* (Жүндүбаева). *Анда биздин кең өлкөнүн булуң-бурчунан пионерлер келишкен* (Сыдыкбеков).

**АНДА-МЫНДА** Өтө сейрек, ар кайсы жерде; бириндеген, чачкын. *Өрттөнгөн танк көрүнүп анда-мында, Заматта жыбырады жылдыз жерде!* (Үмөталиев). *Анда-мында бир тийип, Зыркыратып келатат* (Үмөталиев).

**АНДААЛА** 1. Алды-алдынан, туш-тушка тарап кетүү. *Андаалаган кыргыздын, Минтип шору кайнаптыр* («Манас»). *Силер жумуш иштейбиз деп мугалимден сурандыңар беле? Же андаалап басып жүрөсүңөрбү?* («Жаш ленинчи»). 2. Дал-дал болуп жыртылып, бөлөк-бөлөк бөлүнүп самсаалап калуу. *Чокмордун этине кийген куур шымдын багалеги дал-дал болуп андаалап кетиптир* (Убукеев). *Андаалап жүргөн жеңинин учу менен бечара эне көзүн сүртүндү да, оор улутуна үшкүрдү* (Таштемиров).

**АНДААЛАТ** **андаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНДААЛОО** **андаала** этишинин кыймыл атоочу.

**АНДАБА** Шыбак ишине колдонулуучу (там шыбай турган) калак, аспап. *Шыбаганда да андава менен эмес, колу менен шыбагандыктан, салааларынын орду кырбууланып билинип турат* (Абдыраманов).

**АНДАГЫ** Ал жердеги, ошол кездеги. *Андагы манап азыр жок. Азыр абаң андагыдай киши эмес* (Токтомушев).

**АНДАЕКИ** *сүйл.* Андай эле, андай болсо. *Менин сөзүмө көнбөйт, андаеки атасы келсинчи, көнбөгөнүн көрөйүн.*

**АНДАЗА** *диал.* Ой, пикир. *Ооз деген дарбаза, Чыга берет андаза* (макал).

**АНДАЙ** Ошол сыяктуу, ошол өңдүү, ал өңдөнгөн. *Оюн салты андай болбойт го* (Сыдыкбеков). *Андай жаман ургандын, Айлына барып ким конот* (Токтогул). *Чал уктап*

*кетсе, кирем деген максатың бар го? Андай номериң биерге өтпөйт, бийкеч* (Мавлянов).

**АНДАЙ АТТУУ КҮН КАЙДА** Ойдогудай, ошондой болсо эмне, болуп калса кана, деген сыяктуу самоо, энсөө маанисинде айтылат. – *Түнкү он экидеги рейске салып жиберсем болобу? – Андай аттуу күн кайда! Кете береличи* (Бердикеев).

**АНДАЙ БОЛСУН** Куттуктоого жооп иретинде ыраазылыгын билдирүүдө колдонулат. *Майрам кут болсун! – Андай болсун! – Иш илгери болсун! – Андай болсун, болсун эже* (Осмоналиев).

**АНДАЙ-МЫНДАЙ ДЕГИЧЕ** Дароо, бир заматтын ичинде, арыдан бери.

**АНДАКЫ** *туурасы:* **андагы.**

**АНДАЛАП** Чачылып. *Эл атасы өлгөндө айыл-айыл болуп андалап отурган урук-уруk кыргыздар жабыла көчүп келип, Энесайдын жээгине кыркаар тартып үй тигип, улуу журт курган* (Айтматов).

**АНДАЛГАЗ** Эрмендин бир түрү.

**АНДАН Ал** деген жактама ат атоочтун чыгыш жөндөмөсү. *Андан эч ким зыян тартпайт.*

**АНДАН-МЫНДАН** Аркимден, аркайсыдан, аркай жерден. *Атчандардын карааны андан-мындан көрүнүп барып, жок болду.*

**АНДАСА** Геометрия (1924-жылга чейин мектептерде ушул термин колдонулуп келген).

**АНДА-САНДА** Кезек-кезек, арадан бир топ убакыт өткөрүп туруп; кээде, кез-кезде. *Анда-санда ич бышырат көрүнүп, Заңгыраган жасалгалуу мектебим* (Алыбаев). *Анда-санда көргөнү, Таруу, конок, сөк экен, Башка дандын бардыгы Кыргыз үчүн көп экен* (Токомбаев). *Витаминдерди анда-санда же аябай көп пайдалануунун эч кандай пайдасы жок* («Ала-Тоо»).

**АНДАША** Ойлонуу, ойго батуу. *Бөрүбайдын алдында Андаша кылып турупмун* (Эл ырлары).

**АНДЕК андөк** менен бирдей.

**АНДЕЛЕК** Эрте бышуучу кичинекей коон. *Анделектер дүмбүл болгон кез.*

**АНДӨК** Чүкө оюнундагы сака менен атылган чүкөнүн же жалпы эле калчалып жаткан чүкөлөрдүн утуу эрежесине ылайыкташып түшкөн учуру.

**АНДЫЗ к. карандыз.**

**АНДЫЗДА** Алды-артына карабай катуу чуркоо, чымын-куюн болуп жүгүрүү. *Октон качкан бөкөнгө, Андыздап чуркар чөл жакшы* («Мендирман»). *Ак кой андыздап жүгүрүп орто жолго барып калган* (Жантөшев).

**АНДЫКТАН** Ошондуктан, ошону үчүн, ошол себептүү. *Андыктан уят эмес, айып эмес, Сен өңдүү азаматтын кемтик жери* (Осмонов).

**АНДЫК** Ага таандык, ага тиешелүү.

**АНДЫС I** Баш аламан, чар-жайыт, ирээтсиз. *Андыстатпай өзүнө айт* («Семетей» С.К.).

**АНДЫС II** Катуу сөңгөктүү куурай өсүмдүгү. *Мен күңгөйдүн андысы, Ай келин, сиз тескейдин жалбызы* (Тоголок Молдо). *Көкө жоон-жоон андыс куурайдын түбүнөн сындырып келди да, узундугу төш жарыча эки келтек жасады* (Касымбеков).

**АНЕКДОТ** 1. Күлкүлүү, тамашалуу окуялардын негизинде курулган кыскача аңгеме. *Түгөл анекдот айтып, күлкү салат* (Бейшеналиев). *Ашым. жолдо катар ар кандай анекдотторду айтып Көсөлдү күлдүрдү* (Каимов). 2. *өт.* Күлкү келтирерлик окуя. *Бул жоругуңар анекдот, адам таң калып күлөрлүк тамаша болуптур* («Чалкан»).

**АНЕМИЯ** *мед.* Каны аздык, кан азайгандык; аз кандуулук. *Дарылоонун аягында Мойноктун анемиясы кадимкидей айыкты* (Акматов).

**АНЕМИЯЛУУ ИНФАРКТ** *мед.* Органдын кансыздандырылган бир тилкеси, кан келбей калгандыктан ткандары өлгөн тилке.

**АНЕМОМЕТР** Шамалдын, газдын кыймылынын тездигин өлчөөчү прибор.

**АНЕСТЕЗИОЛОГ** *мед.* Операция жасоодо оорулуунун жансыздандыруучу дары берген, наркоз кезинде ага дарыгерлик жардам көрсөткөн медицина кызматкери.

**АНЕТ** *сүйл.* Ошент, ошондой кыл. *Кой, анетпе, кемпирим* (Сыдыкбеков). *Бирок, Доке, сиз анетпей эч качан… Өзүңүздү саткан жоксуз, кайрирет* (Өмүрканов).

**АНЕТТИР анет** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНЕТҮҮ анет** этишинин кыймыл атоочу.

**АНЖАМ** Үй керек-жарагы, эмерек, ат жабдык.

**АНЖИР** 1. Ысык жактарда өсүүчү мөмөлүү дарак. *Ар шагында мөмө алган, Анжир бүткөн аккан суу* (Барпы). 2. Ушул жыгачтын мөмөсү. *Эңилип дасторкондон анжир алып, үн катпай булкүлдөтүп шимип калды* (Абдыраманов).

**АНЖЫ: эки анжы** Бир ыңтай, бир беткей эмес; эки башка, түрдүүчө, олку-солку. *Ушинтип эки анжы абалда турабыз* («Чалкан»). *Алымдын эки анжы айткан жообуна бригадир териге түштүбү, Өскөнбайга карап: «Көрдүңбү эмне деп айтканын» деген кыязында көзү менен шилтеп койду* (Таштемиров).

**АНЖЫР** *туурасы:* **анжир.**

**АНИЙ** Балдардын «кереги жок», «керек эмес», «макул эмесмин» деген мааниде айтылуучу сөзү. – *Аний, – деп селтең этти* (Сыдыкбеков).

**АНИЛИН** *хим.* Боёк, жардыргыч зат, дары-дармек даярдоодо колдонулуучу түссүз келген майлуу жана ууктуруучу суюктук.

**АНИМАЛИСТ** Чыгармаларда көбүнчө жаныбарларды сүрөттөө жагына адистешкен, жаныбарлардын сүрөтүн көбүрөөк жараткан художник же скульптор. *Республикабыздагы жаш анималист скульптор Яков Вейделдин чыгармалары көрүүчүлөрдү өтө кызыктырды* («Кыргызстан маданияты»).

**АНИМАЦИЯ** *комп.* Кыймылдоочу графиктик сүрөттөлүштөр, сүрөттөрдү жандандыруу менен байланышкан.

**АНИМИЗМ** 1. Байыркы адамдардын жанжаныбарларды, өсүмдүктөрдү, буюмтеримдерди киши сыяктуу ойлоо, сезүү жана жалпы эле адамдардай жашоо касиетине ээ деп эсептеген ишеним. *Мис.* «Эр Төштүк» эпосунда Төштүктүн аты Чалкуйруктун кишиче сүйлөгөнү. 2. *филос.* Жан менен рухтун түбөлүктүүлүгүнө ишенүү.

**АНКЕТА** Белгилүү маалыматтарды алуу үчүн суроолор коюлган жана толтурууга ылайыкталган барак, кагаз. *Күчтүү спортсмендердин атын атоого анкета белгиленген* («Жаш ленинчи»). Толтурам сени менен деп ойлогон, Сүйүүмдүн анкетасы актай калды (Базарбаев).

**АНКЛАВ** Башка өлкөнүн же башка административдик түзүлүштөгү аймактын ортосунда калган жер (аймак). *Анклавды айланып өткөн жол курулду* («Эркин Тоо»).

**АННЕКСИОНИСТ** Аннексияны жактоочу.

**АННЕКСИЯ** Башка бир өлкөнү бүт бойдон же анын бир бөлүгүн зордук менен, күч менен басып алып, өз өлкөсүнө кошуу, бириктирүү аракети.

**АННОТАЦИЯ** Китептин, макаланын ж.б. мазмунуна берилген кыскача мүнөздөмө.

**АНОМАЛИЯ** 1. Өнүгүүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүктөн кыйшайышы, нормага дал келбегендиги, туура эместиги, нормасыздыгы. 2. Анатомафизиол. аномалия генетикалык факторлордон, ошондой эле химиялык, термикалык факторлордон, жыныс клеткаларынын инфекциясы менен өнүгүүчү түйүлдүктүн радиацияланышынан ж.б. майып болуулардан келип чыгат. 3. *Астрономиялык аномалия.* 4. *Геофизикалык магниттик аномалия* ж.б.

**АНОНИМ** Ысымсыз, эч кандай атын да, фамилиясын да, псевдонимин да көрсөтпөй, белгилебей кат, чыгарма ж.б. жазган адам.

**АНОНИМКА** Ким тарабынан жазылганы белгисиз болгон, аяк жагына кол коюлбаган тоголок кат.

**АНОНС** Алдыда болчу иш-чаралар тууралуу алдын-ала кабарлоо, жарыялоо.

**АНСАЙЫН** Ого бетер, андан бетер. *Ансайын эсим чыкты* («Ала-Тоо»). *Ансайын кубат, ал кирип Ала-Тоодой демибиз* (Осмонкул).

**АНСАМБЛЬ** 1. Кандайдыр бир бүтүндүн бардык бөлүктөрүнүн бири-бирине шайкеш келиши, келишимдүү, келбеттүү бирдик. 2. Бирдиктүү көркөм чыгармачылык коллектив катарында чыккан артисттер тобу. *Режиссёр Мелис Асылбашевдин зор эмгеги менен мыкты ансамбль түзүлдү.* 3. Бир нече катышуучулар аткарууга ылайыкталып түзүлгөн музыкалык чыгарма.

**АНСЫЗ** 1. Ал болбогон, ал жок, анын катышуусуз. *Келе жаткан жума жаан-чачындуу болот экен, ансыз да малга жетишпеген тоюткорубузду чиритип албайлы* (Каимов). 2. Антпегенде, ал менен, аны аткармайынча маанисинде. *Ансыз айткандарыбыз сөз боюнча калат, жолдоштор!* (Сыдыкбеков). *Ансыз сиздин ишиңиз талапка жооп берет деп эсептелбейт.*

**АНТ I** Убададан кайтпоо жөнүндө келишимди, шартты же мыйзамды бузбоо, берилген шерт, убада, касам. *Достук антты унутпа!* (Каимов). *Кагылайын Элдияр, Ант оозанган тилиңден* («Эр Табылды»). *Эки солдат моюндашып бир жүрүп, Жоокер антын жоо бүткөнчө сактаган* (Токомбаев).

**АНТ II** Ошентүү, ошондой кылуу. *Анте берсе мен бул жерден кетүүгө аргасыз болом* (Бектенов). *«Айланайын антпе!» – дейт, Эски сүйүүм бир жактан* (Эралиев). *Антиштин ордуна кудайлар эмес, периштелер сөз сүйлөдү* (Акматов).

**АНТ БЕРҮҮ же КАСАМ ИЧҮҮ** Антташуу, берилген убаданы бекемдеш үчүн ырым-жырымдык эрежелерди жасоо. Илгери кыргыздарда баатырлар жоого аттанарда элдин эркиндигин, намысын сактоо үчүн жан аябай күрөшүүгө ант кылып ок тиштешип же кылычтын мизин өбүшкөн. Олуттуу иштер боюнча убадалашуу зарылдыгы болгондо да ак боз бээ союп, канына колдорун матырып, «эгер убададан тайып ыркты бузсак ушул ак боз бээдей муундалып калалы» дешип ант беришкен.

**АНТ ИЧКЕНДЕЙ** Өңү ооруган адамдыкындай кер сары же кубарыңкы тартуу. *Ант ичкендей саргайдым, Албырган кызыл өңүм жок* (Токтогул). *Кызыл жүзү бозоруп Ант ичкендей кумсарып* («Эр Табылды»). *Үпөл ант ичкендей кубарып, сунган ачкычты кайра чөнтөгүнө салып, жыла басып чыгып кетти* (Бердикеев). *Ажарлуу, сүрдүү ирени, Ант ичкендей кубарды* (Бөкөнбаев).

**АНТ УРГАН** Тилдегенде, каргаганда айтылуучу сөз. *Ант урган иттер кызыгып, Азуусун кайра чалуучу* (Тоголок Молдо).

**АНТ УРГУР** Жаман көрүү, жекирүү, наалат айтуу, каргоо маанисинде колдонулат. *Ант ургурдун кылган ишин кара, каратып туруп билмексенге салды* (Жоошбаев). *Сомодой болгон жанагы ант ургурларды карачы, атты минип кайда жоголушту?!* (Тойбаев). **В.: Ант аткыр!** *Ант аткыр кайда*

*житип кетти?*

**АНТ УРУУ** Сөзгө, убадага турбагандыгы үчүн жамандыкка, кырсыкка учуроо. *Ушулардын тузуна кара санасаң, сени ант урат* («Ала-Тоо»).

**АНТ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Убада берүү, касам ичүү, ант берүү багытындагы элдик оозеки чыгармалар. *Антымдан жансам: Төбөсү ачык көк урсун, Төбөсү туюк көр урсун, Төшү түктүү жер урсун!*

**АНТАГОНИЗМ** Эч келишпес карама-каршылык.

**АНТАГОНИСТ** Келишпес душман, элдешпес кас адам.

**АНТАГОНИСТТИК антагонизм** дегенге таандык. *Көркөм чыгармадагы антагонисттик жана антагонисттик эмес конфликт жөнүндөгү түшүнүк...* (Борбугулов).

**АНТАЛА** 1. Карбаластап шашуу, шашты кетип энтелөө, антандоо. *Кээ бирөөлөр шашышып, Кээ бирөөлөр ошондо Анталашып качышып* («Эр Төштүк»). 2. Кыйынчылык тартып чабалактоо, эси эки болуп кыйналуу. *Эти ысып, анталап жаткан баланын кыйналганы ата-энесинин үрөйүн учурду* («Ала-Тоо»).

**АНТАЛАҢДА** Антандап, карбаластап, абдан шашып калган абал; шаштысы кетип энтелөө.

**АНТАЛАҢДАТ анталаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНТАЛАҢДОО анталаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТАЛАТ антала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНТАЛОО антала** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТАҢДА** Карбаластоо, эмне кыларды билбей шашкалактап калуу. *Текечи хан, Шыгай хан Жетип келди антаңдап* («Манас»). *Абышка антаңдаган бойдон жөнөдү* (Жантөшев).

**АНТАҢДАТ антаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНТАҢДОО антаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТЕННА** Радио, теле толкундарын кармап уктуруп көрсөтүү үчүн ылайыкталган атайын аппарат.

**АНТИБИОТИК** Оору козгогуч бактерияларды, микробдорду өстүрбөй токтотуп коюуга же өлтүрүп жок кылууга пайдаланылуучу органикалык негиздеги зат.

**АНТИВИРУС** *мед.* Микробдордук негизде жаралып, бирок ошолордун өздөрүнө уулуу таасир көрсөтүүчү зат.

**АНТИВИТАМИНДЕР** *мед.* Химиялык структуралары тиешелүү витаминдерге жакын, бирок витаминдерди биохимиялык реакциялардан сүрүп чыгаруучу каршы заттар.

**АНТИГОРМОНДОР** *мед.* Гормондордун биологиялык таасирлерин басып коюучу заттар.

**АНТИДЕМОКРАТИЯЛЫК** Демократияга каршы багытталган, элдин кызыкчылыгына карама-каршы келген. *Антидемократиялык саясат.*

**АНТИИМПЕРИАЛИСТТИК** Империализмге каршы багытталган, ага карама-каршы саясатта турган, империализмди жактабаган.

**АНТИК** 1. Антикалык скульптуранын (же анын фрагменти) биздин заманга чейин сакталганы. 2. *өт.* Өз дооруна, коомго туура келбеген адам. Өзүнүн мүнөзү, манерасы, адаты менен айырмаланып турат.

**АНТИКВАР** Байыркы замандын искусство буюмдары, сейрек учуроочу эски китептер; аларды жыйнап сактаган же ушундай буюмдарды сатуучу адам. *Мен аз жерден антиквардан хрусталь вазаны сатып ала да жаздадым* («Чалкан»).

**АНТИКВАРДЫК** Байыркыга таандык баалуулуктук.

**АНТИКВАРИАТ** Сейрек учуроочу эски китептеди, сүрөттөрдү, буюмдарды сактоочу жай же ушундай буюмдар сатылуучу дүкөн.

**АНТИКОММУНИСТТИК** Коммунизмге каршы багытталган, ага карама-каршы келген, анын душманы болгон; коммунизмди, коммунисттерди жактабаган.

**АНТИЛОПА** Сырткы көрүнүшү, көлөмү жагынан бири-биринен айырмаланган, ача туяктуу, кепшөөчү көп түрдүү айбандардын (жейрен, сайгак ж.б.) жалпы наамы.

**АНТИМАРКСИСТТИК** Марксизмге каршы багытталган; марксизм принциптерине каршы келген. *Антимарксисттик теория.*

**АНТИНОМИЯ** Өз алдынча турганда экөө тең туура деп таанылган көрүнүштөрдүн ортосундагы карама-каршылык, өз ара бирин-бири жокко чыгаруучулук. *«Адам-табият» антиномиясы: адабияттагы анимализм жана гуманизм* (Ибраимов).

**АНТИПАТИЯ** *псих.* Бир нерсеге же кимдир бирөөгө карата жек көрүүчүлүк, жактырбоочулук сезим. *Ажардын Айсулууга карата антипатиясы бар.*

**АНТИП-МИНТИП** Акырындап, эптепсептеп. *Антип-минтип атынын оозун тартканча. Антип-минтип мага акыл киргиче, Отуз өтүп, кыркы келип жармашты* (Шүкүрбеков).

**АНТИПОД** 1. *геогр.* Жер шарынын карама-каршы багыттагы (180°түк багытта) аймактарда жашоочулар; 2. *өт.* Карама-каршы мүнөздөгү жана көз караштагы адамдар. 3. *бот.* Жабык тукумдуу өсүмдүктөрдүн уругу.

**АНТИСЕМИТ** *саяс.* Антисемитизм идеясын жактап, еврейлерди жек көргөн адам.

**АНТИСЕПТИКА** Жараатка хим., физ. жа-

на биол. каражаттарды колдонуу менен жугуштуу ыландарды козгоочу микробдорду жок кылып, ириндеп кетүүдөн сактоо ыкмалары.

**АНТИСОВЕТТИК** Советтик түзүлүш, советтик идеологияга карама-каршы ойлор, пикирлер, сунуштар, тезистер.

**АНТИТЕЗА** *адаб.* Карама-каршы пикирлерди, ойлорду, көркөм образдарды салыштырып сүрөттөө ыгы. *Бирөөгө жок, бирөөгө Бар болгонсуң замана. Байларга кең, кедейге Тар болгонсуң замана. Келериңде дүнүйө Толукшуп чыккан айдайсың Кетериңде дүнүйө Суу жүрбөгөн сайдайсың* (Токтогул). *Унчукпасам, улутунуп зерикпе, Өкүм айтсам, уялдым деп терикпе, Турмуш мени так ошондой жаратты, Сыртым кашаң, ичке берип канатты* (Токомбаев).

**АНТИТЕЗИС** *филос.* 1. Терс ой, белгилүү бир чыгармада негизги далилденген пикирге каршы айтылган ой. 2. Гегельдин философиясында диалектикалык өнүгүү процессиндеги тезиске карама-каршы чечим.

**АНТИФАШИСТ** Фашизмге каршы туруучу, фашизмге каршы күрөштүн катышуучусу.

**АНТИФАШИСТТИК** Фашизмге каршы багытталган. *Жаштардын антифашисттик комитети. Антифашисттик кыймыл.*

**АНТИФРИЗ** *а.ч.* Өтө төмөнкү температурада $-75^{\circ}$ тоңбоочу айрым заттардын суудагы эритмеси.

**АНТИЦИКЛОН** Атмосферанын жогорку басымдуу аймагы; борборунда басым жогору болуп, чет жакасын карай азая баштайт.

**АНТКЕНИ** Себеби (сүйлөм менен сүйлөмдүн ортосундагы себептик байланышты көрсөтүүдө колдонулат). «*Бөрүлү» командасы дагы жеңишке жетишти, анткени алар бул мелдешке катуу даярданышкан («Агым»).*

**АНТКОР** 1. Өзүнүн чыныгы оюн жашырып жүргөн арамза, билмексен, көрмөксөн болуп койгон алдамчы. *Анткор калмак азгырып, Алдаганын карачы* («Курманбек»). *Калабалуу канкорум, Калк чайкаган анткорум* («Манас»). 2. Жасалма, чыныгы эмес, калп эле. *Анткор күлкү. Анткор уйку. Бүбүш эне анткор жашын төгүп, ыйлап отурат* («Чалкан»). *Адал тамак жебеген, Анткор залим арамы* (Тоголок Молдо).

**АНТКОРДУК** Өзүнүн чыныгы оюн жашырып жүргөн арамзалык, алдамчылык, кытмырдык. *Болот миң башы анткордук менен жылмая күлүмсүрөдү* (Абдукаримов).

**АНТКОРЛОН** Анткордук кылуу, анткорсунуу; алдоо. *Элебес түз жооп бербестен, анткорлонуп мыңк этти* (Сыдыкбеков). *Кеп кимде экенин билсе да, Садык анткорлонду* (Каимов).

**АНТКОРЛОНУУ анткорлон** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТКОРЛУК анткордук** менен бирдей.

**АНТКОРСУ** Билмексен болуп амалдануу, сыр билгизбей, туйдурбай калп эле билбемиш болуу. *Анткорсуган Дөлөндүн, Алдоосуна калбаймын* («Курманбек»).

**АНТКОРСУН анткорсу** этишинин өздүк мамилеси.

**АНТКОРСУУ анткорсу** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТКОРУ** *диал.* Анткор. *Элебес жаш келиндин сырын сезгенсип, анткору күлүп сөзүн жөнөттү* (Сыдыкбеков).

**АНТОЛОГИЯ** *адаб.* Ар түрдүү авторлордун тандалмалуу чыгармаларынын (көбүнчө ырларынын) жыйнагы. *Кыргыз поэзиясынын антологиясы.*

**АНТОНИМ** *лингв.* Карама-каршы маанилүү сөздөр (мис. *чоң-кичине, өйдө-төмөн, улуу-кичүү, арык-семиз* ж.б.).

**АНТОНОВКА** Алманын бир сорту; анын кычкыл таттуу даамы жана жыттуу келген мөмөсү бар.

**АНТРАКТ** *театр.* Спектаклде көшөгөлөрдүн ортосундагы же концерттин, циркtin бөлүмдөрүнүн ортосундагы дем алыш, тыныгуу.

**АНТРОПОГЕНЕЗ** *биол.* Кишинин тарыхый-эволюциялык калыптануу процесси.

**АНТРОПОЛОГ** Антропология боюнча адис.

**АНТРОПОЛОГИЯ** Адамдын биологиялык табиятын органикалык жаратылыш менен биримдикте ар тараптуу: морфологиялык, физиологиялык, улуттук, жаш өзгөчөлүктүк ж.б. изилдөөчү илим.

**АНТРОПОЛОГИЯЛЫК антропология** дегенге таандык.

**АНТРОПОМОРФИЗМ** 1. *фил.* Табияттагы бардык көрүнүштөрдө: айбанат, өсүмдүк, тоо, таш ж.б. адамдык касиеттер бар деп ойлонулган илимге чейинки түшүнүк. 2. *дин.* Кудайды адам образында элестөө. 3. *адаб.* Предметке, жаныбарга, табияттык көрүнүшкө адамдык касиет-сапат ыйгарылып сүрөттөлгөн учурлар. *Сур эчки мындай дейт: Бербедиңби Кожожаш, Алабашты тилесем. Арты болсун кайрылуу, Азыр сенден жүдөсөм* («Кожожаш»).

**АНТРОПОНИМ** *лингв.* Адамга коюлган энчилүү ат. *Абакир, Касымалы, Айтматов, Сооронбаева, Тоголок Молдо.*

**АНТТАШ I** Бири-бирине ант бергендер. *Алар антташ достор.*

**АНТТАШ II** Ант берүү, ант кармашуу. *Антташып жүргөн досунун, Ардактуу жүзүн көрдү эми* («Семетей»). *Бар чыгар же болбосо антташканы: Кымча бел, таң чолпону келишкен бир* (Үмөталиев).

**АНТТАШТЫР антташ II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНТТАШУУ антташ II** этишинин кыймыл атоочу.

**АНТТИР анеттир** менен бирдей.

**АНТҮҮ анетүү** менен бирдей.

**АНФАС** Көрүүчүгө бет мандай, адамдын бет мандайынан көрүнүшү. *Анфасынан тартылган сүрөт.*

**АНФИЛАДА** *сур.* Коомдук имараттын, менчик үйдүн, ак сарайдын интерьеринде мейкиндик перспективасын түзгөн, бир түз сызыкта жайгашкан эшик кашектеринин, бөлмөлөрдүн бир-биринин аркасынан орун алган ырааттуу катары.

**АНЧА** Көп. Бир топ. *Анча алыс жерге кантип жөө барасың?* (Осмоналиев). *Сен ага эмне анча кызаңдадың.*

**АНЧА БОЛБОГОНДО** Аз дегенде, дагы бир аз болгондо, аз-аз жерден. *Анча болбогондо мен кетип калат элем. Анча болбогондо келип калышмак экен* («Ала-Тоо»). *Өңү анча серт эмес* (Сыдыкбеков). *Жакшы жери анча алыс эмес* (Сыдыкбеков).

**АНЧА-МЫНЧА** Бир аз, кичине. *Эл оозуна алынып, анча-мынча кадырлуу болуп калдык эле* (Байтемиров).

**АНЧА ЭМЕС** Белгилүү бир чен-өлчөмдөн азыраак, орточо.

**АНЧАЛЫК** 1. Талаптагыдай эмес, ойдогудай эмес. *Иштери анчалык эмес. Чаар-Ала-Таш анчалык кенен жайыт эмес* (Жантөшев). 2. **Ошончо, мынча, анча** менен бирдей. *Анчалык ачуулангандай эмне алаамат болуп кетиптир?* («Эркин тоо»).

**АНЧЕЙИН** Тим эле, жөн эле, бекеринче. – *Анчейин сурадым да, – деп чоң эне шыпшынып, койду* (Сыдыкбеков). *Мында анчейин гана кире калдык* («Ала-Тоо»).

**АНЧОУС СЫМАЛДУУЛАР** *биол.* Балыктардын бир тукуму.

**АНШЛАГ** Спектаклге, концертке, лекцияга кирүү үчүн бардык белеттердин сатылып бүткөндүгү жөнүндөгү жарыя.

**АНЫ ал** деген жактама ат атоочтун табыш жөндөмөдөгү формасы. *Аны ким билсин. Аны көргөн киши жок. Аны айтпасак дале түшүнүктүү.*

**АНЫ-МУНУ** 1. Майда-барат буюмдар, ар нерселер. *Баланын аны-мунулары түйүлгөн түйүнчөктү сунду* (Сасыкбаев). 2. Аркы-берки, өйдө-төмөн сөз. *Эптей албай калпыңды, Аны-муну бир айтып Кулуңдөйсүң, Элдияр* («Эр Табылды»). *Аны-муну деп отургузбай, айтканын кылып жөнөтсөңөрчү* («Ала-Тоо»).

**АНЫК** Талашы жок, чыныгы, даана, ачык. *Токтогул турмушту, анык акыйкатты, чын болгон жана боло турган ишти ырдаган* (Бөкөнбаев). *Күнөөлүү экени анык болсо, менин да көңүлүм тынып, бир жаңсыл болуп калат элем* («Ала-Тоо»). *Кубанып Толубай ыргып тура калып, «Падышам, анык тулпар ушул» деди* (Осмонов).

**АНЫКТА** Анык экенин билүү, аныгына жетүү, тактоо. *Аныктап айт. Барарыңды анықта! Айтчы, Элдияр, кандай кеп, Аныктап баян кыл деди* («Эр Табылды»).

**АНЫКТАЛ анықта** этишинин туюк мамилеси. *Аныкталган факт. Күнөөсү аныкталды.*

**АНЫКТАМА** Бир нерсе жөнүндөгү кыскача түшүнүк, түшүндүрмө, аныктай турган баяндама. *Айрым изилдөөчүлөр мындай аныктаманы жеткиликсиз, аны тагыраак аныкташ жана толукташ зарыл деп эсептешет* (Борбугулов).

**АНЫКТАТ анықта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНЫКТОО анықта** этишинин кыймыл атоочу.

**АНЫКТООЧ** *лингв.* Сүйлөмдө заттын же зат маанисиндеги сөздүн сын-сыпатын, белгисин, санын, сапатын билдирип турган айкындооч мүчө.

**АНЫКТЫК** Анык экендик, дааналык, айкындык; белгилүүлүк. *Иштин аныктыгына жетели* (Сыдыкбеков).

**АНЫКЫ ал** деген ат атоочтун жалпы таандыкта (*-ныкы* мүчөсү менен) айтылган формасы.

**АНЫН ал** деген жактама ат атоочтун илик жөндөмөдөгү формасы.

**АНЫН БЕТИН АРЫ КЫЛСЫН** «Андайдан сактасын», «андайды көрбөйлү», «андайга кабылтпасын» деген сактануу, чочулоо маанисинде колдонулат. *Мунун кылыгын көргөндө, анын бетин ары кылсын деген* (Жусупов). *О-о, анын бетин кудай ары кылсын, андай болгонун бир жолу кырдан дүрбү салып олтуруп, капыстан көрүп калгам* (Медетов). **В.: Анын жүзүн ары кылсын.** *Аның окумуштуу болуп мурдун көтөрүп кеткен, о-о анын жүзүн ары кылсын* (Бердикеев). *О-о, анын жүзүн ары кылсын! Түшүнбөгөндөр көчкү десе, карлар жылып келип...* (Медетов).

**АНЫН ЖАНЫНДА** Ага караганда, ага салыштырганда. *Анын жанында тиги киши туура, сөзгө түшүнөт.*

**АҢ I** Сел жүрүп, суу жеп кеткен жер, жар же казылып калган чуңкур, аңгек. *Бута бою аң келсе, Буйдалбастан чуркаган Буудандыгы бар экен* (Каралаев). *Өгүздөрдү аң жакка катууга шаштым* (Бөкөнбаев).

**АҢ II** *аңч.* Уу кылына турган бардык жаныбарлар. *Аркар, кулжа, ак кийик, Аңга берем тиричилик* (Тоголок Молдо). *Ээрчитип жалгыз уулун Кула мерген Аң уулап мында келди жаасын тарта* (Осмонов).

**АҢ III** Туюп-биле турган сезим, ички түйгү. *Кишилер үркүп качып, бирине бири калкаланып, бирин бири карап туруп үрөй учту, аң учту* (Касымбеков).

**АҢ-СЕЗИМ** Адамдын акыл-эс аркылуу туюп-билүү, түшүнүү, кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

**АҢ-СЕЗИМДҮҮ** Акыл-эстүү; баамчыл;

туюп билип, түшүнүп, кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулугу. *Аң-сезимдүү адамдар. Аң-сезимдүү мамиле.*

**АҢ-СЕЗИМДҮҮЛҮК** Аң-сезимдүү болуу жөндөмдүүлүгү, адамдын акыл-эс аркылуу туюп-билүү, сезүү жөндөмдүүлүгү, түшүнүтүүлүк. *Аң-сезимдүүлүктү күчөтүү. Аң-сезимдүүлүк сапаты.*

**АҢАЗА аңыз II** менен бирдей. *Ошондон улам ушундай аңаза сөз калган экен* («Эл адабияты»).

**АҢГААЛ** Куулук-шумдукту билбеген, алды-артын байкабаган, энөө. *Мен сыяктуу аңгаал болбо, ар иштин келечегин ойло* (Жантөшев). *Бөрүнүн бир эрдиги Түбүнөн аңгаал шердиги* (Тоголок Молдо).

**АҢГААЛДЫК** Куулук-шумдукту билбегендик, аңкоолук, энөөлүк. *Айшанын аңгаалдык жайы бар.*

**АҢГАР** Байка, андай билүү; аң-сезимдүү текшере билүү. *Ага-инимди чогултуп Аңгарып сөзүн көрөйүн* («Манас»).

**АҢГАРТ аңгар** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢГАРУУ аңгар** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢГАРЫП** Байкап, баамдап, андап, түшүнүп.

**АҢГЕК** Чуңкур, аң болуп калган жер. *Аңгеги жок жерлерге суу жайып жибергиле* (Убукеев).

**АҢГЕКТЕН КАЧСАҢ ДӨҢГӨККӨ** Бир түйшүктөн экинчи бир түйшүккө дуушар болуу, кабылуу. *Аңгектен качсаң, дөңгөккө, Шору бар эрдин багы экен* (Турусбеков).

**АҢГЕМЕ** 1. Чогулуш, топ, жыйын. 2. Маек, сыр чечишип сүйлөшүү. *Эки карыя аркы-беркини айтышып, аңгемелешип көпкө отурушту.* 3. *өт.* Чыр, чатак, калаба. *Айтканына көнбөсөк, Азыр салат аңгеме* («Манас» С.К.). 4. Кандайдыр бир окуянын, болгон жаңылыктын баяндамасы. *Чоң эне аңгемесин улантты* (Сыдыкбеков). *Сакалы жайкалып, сымбаты келишкен жылуу түрү менен жанындагы ырчыларга аңгеме айтып отурду* (Тоголок Молдо). 5. Ар нерселер жөнүндөгү кабар. *Алмамбет, Сыргак эрдигин Аңгемесин карап ал* («Манас»). *Айылда эмне аңгеме бар экенин угуп келгендирсиң, айта отур* («Ала-Тоо»). 6. *адаб.* Кандайдыр бир окуя жөнүндө жазылган, көлөмү анчалык чоң эмес адабий чыгарма. *Аңгемелер жыйнагы. Кыргыз жазуучуларынын аңгемелери.*

**АҢГЕМЕ ДҮКӨН КУРУУ** Маектешип сүйлөшүү, кепке алуу. *Аңгеме-дүкөн курады, Элемандын Сарыбай Ал-абалын сурады* («Эр Табылды»).

**АҢГЕМЕЛЕШ** Аңгеме айтышуу; сүйлөшүү, пикир алышуу. *Расия Асыл менен көпкө аңгемелешти* («Кыргызстан аялдары»). *Мен дыйкандар менен аңгемелештим* («Советтик Кыргызстан»).

**АҢГЕМЕЛЕШҮҮ аңгемелеш** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢГЕМЕЧИ** 1. Аңгеме айтуучу, аңгеме салып бергенди жакшы билген, аңгемеге шыктуу адам. 2. Аңгеме жазган жазуучу. *Мурза Гапаров мыкты аңгемечи болчу* («Адабий Ала Тоо»).

**АҢГЕРИ** Ангара дайрасы. *Ит-Өлбөстүн чөлү, Ордостун чөлү, Эрименин чөлү жакта, Сары-Суу, Селеңгир, Оркун, Аңгери дайраларынын бойлорунда, Туздуу көлдүн аймагында, нурлуу алтайда, Каңгай тоосунда, Өтүкендин жышында, Эне-Сайда, Миң-Сууда, Кебез-Тоодо, айтылуу Алайда, Дубан каганатында, Каңгүй ээлигинде, Кушан падышачылыгында жашаган уруулардын, уруктардын кызыл уйсундардын, кара уйсундардын журт бийлеген ажосун өлтүрүп, ордосун ойрон кылып, айылын чаап, мүлкүн талап-тоноп, малын айдап алганы жөнүндө кабар шамалдай сызып, чагылгандай тез тарады* (Субанбеков).

**АҢГИ** 1. Үйүрү жок айгыр; эркек эшек. *Байланып турган аңги аңгырап жиберди* (Байтемиров). *Жайылып жүргөн жылкынын арасынан анда-санда аңги аңкылдайт* (Касымбеков). 2. *өт.* Укугу жок болсо да бирөөгө үстөмдүк кылгысы келген, тиешеси жок ишке деле кажынып кирише берген, оюна келгенин кылгысы келген киши. *Аңги тууган азамат Ак-караны ылгабайт* (Осмонкул).

**АҢГИЛИК** Аңгиге таандык көрүнүштөр. *Чубактын аты Көктеке, Аңгилик кылып жепжеке – Бычылбаган мал экен* («Манас»).

**АҢГИРЕ** 1. Шашылыш. *Аябай аскер мол алып, Аңгире жолго салганы* («Манас»). 2. Чоң жол, кан жол.

**АҢГҮДҮК** 1. **аңкоо** менен бирдей. *Аңгүдүк жаным анын арам оюн кайдан билдим. Ал өзү алды-артын карабаган аңгүлдүк неме го.* 2. Күдүктүү, түшүнүксүз, табышмактуу (ой, дайыма *ой* менен бирге айтылат). Сапардын кечээги сөзүнөн улам аңгүдүк ойдо калдым. («Кыргызстан маданияты»).

**АҢГЫРА** 1. Оозду аңырдай ачып бакыруу, аңылдоо, өкүрүү, өңүлдөө. *Уй баягысындай эле аңгырап, үйдү көздөй жүрүп отуруп, музоосуна жете келди* («Ала-Тоо»). *Арчатору жаныбар Аңгырап үндү салды эми* («Эр Табылды»). 2. Эч ким, эч нерсе жок болуп ээн калган абал; бош калуу. *Аңгырап күздүн күнкү турган аңыз, Бул жерди көрө жүргөм, баары тааныш* (Шүкүрбеков). *Аңгырап ээн калган квартирабызга кайра кирдим да, бир таңылчактын үстүнө жыгылдым* («Ала-Тоо»). *Аңгырадым ушул жарык дүйнөдө жүрөгүмдүн жок калгансып жөлөгү* (Өмүрканов).

**АҢГЫРАТ аңгыра** этишинин аркылуу

мамилеси.

**АҢГЫРОО аңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢГЫЧА** Бир аз убакыт өтүп-өтпөй эле; ошентип турганда, ошол арада. *Жаңгак оозун жыйып алгыча Бир адам келди аңгыча* (Борбугулов). *Аңгыча биз күткөн автобус өзүнүн токтоочу жерине келди* (Касымбеков). *Аңгыча чоң балдар качып жок болушту* (Акматов).

**АҢГЫЧАКТЫ аңгыча** менен бирдей. *Аңгычакты баланын апакелеп кыйкырган үнү угулуп, эненин эт жүрөгү эзиле түштү* («Ала-Тоо»).

**АНДА** 1. Түшүнүү, баамдоо, аң-сезимге кабыл алуу. *Мен кичине кезимде элдин кишиси десе көп аңдай албас элем* (Байтемиров). *Алар иш кызуу жүрүп жаткан жерине барып калгандарын өздөрү да аңдабай калышты* (Абдукаримов). 2. Дайыма билип жүрүү, байкоо. *Аңдап баспайсыңбы, көзүңө карап.* 3. Терс маанинин *-ба* мүчөсү менен келип, карама-каршы мааниде айтылат. *Күлүктүн күлүктүгүн аңдабаган койчудай* (Шатманов).

**АНДАШТЫР** *диал.* Сураштыруу, кулак сала жүрүү, териштирип көрүү. *Аңдаштыра жүрсөңүз, анда сиз ак жоолуктан оңтойлоп.*

**АНДОО анда** этишинин кыймыл атоочу.

**АНДООСТОН** Күтүлбөгөн жерден, байкоосуздан. *Аңдоостон күп гана келген экенмин ээ?* («Советтик Кыргызстан»). *Аңдоостон ошол айгырга Ашым салды чалманы* (Осмонкул).

**АНДООСУЗДАН аңдоостон** менен бирдей. *Аңдоосуздан алдырып ийип карап калмак экенмин* («Чалкан»).

**АНДУУ I** Аң-чөнөгү, ой-чуңкуру көп, аңы бар. *Аңдуу жер.*

**АНДУУ II** Жапайы андары көп, аңчылык кылуучу айбандары арбын. *Аңдуу талаалар, тоо, токойлор көп жер.*

**АНДУУ III аңды** этишинин кыймыл атоочу. *Калбаймат мени аңдууда* (Жантөшев).

**АНДУУЧУ** Акмалап, андып жүргөн киши, бирөөнүн артынан андуу жүргүзүүчү.

**АНДЫ** Бирөөнүн же бир нерсенин артынан акмалап, кароолдоп жүрүү, тымызын акмалап баруу. *Жай күндөрдө суур аңдып жеп, карышкыр тоюнуп калат* (Убукеев). *Качып кетүүнү ойлошту эле, бирок Кудайназар аңдып, качырбады* (Жантөшев). *Душман таштын арасында аңдып жатканын ким билет* (Токомбаев).

**АНДЫ-ДӨНДҮ КАРАБОО** Эч нерсени байкабоо, сактануу, абайлоо дегенди билбөө, ойлонуп иш кылбоо. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бересиңби?* (Каралаев). *Мурун айткандын сөзүн ээрчип, шилтеп койсо аңды-дөңдү карабай бир тиет* (Ашимбаев). *Аңды-дөңдү карабаган эр неме көрүнөт, качырып кирүүдөн кайра тартчу башы жок* («Чалкан»).

**АНДЫТ аңды** этишинин аркылуу мамилеси.

**АНДЫШ** Бирин бири андып калган абал; ишенбөөчүлүк кылып, тымызын байкоо жүргүзүш. *Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен дос болбойт* (макал).

**АҢКА** 1. Чаңкоо, суусоо, суу ичкиси келген абал. *Эл гана эмес аңкаган, Жердин баарын баккан суу* (Тоголок Молдо). *Аңкаган элди кандырып, Алпарып суусун берели* (Маликов). 2. Эңсөө, самоо, аябай дегдөө. *Зейнени бир көрсөм деп аңкап жүргөндөрдүн бири сен элең го!* («Ала-Тоо»).

**АҢКАЙ** 1. Оозду ачып карап калуу, делдейип таң калуу. *Кадыркул аңкайып ордунда туруп калды* (Каимов). 2. Ачык абалда болуу, аңгырап ачык туруу. *Үйдүн эшиги аңкайып ачык экен. Сандыктын оозу аңкайып ачылып калыптыр.*

**АҢКАЙТ аңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢКАР аңгар** менен бирдей. *Андан бери карата Аңкарып абам караса, Таамай алты жыл болду* («Манас»).

**АҢКАЮУ аңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКИЛДЕ** Тоңкочук атып кулоо, андамында бир тийип томолонуу, аңкилдек атуу. *Туягы эле кылт этсе болду, Анаркулдөр атматы менен аңкилдеп тээ ойго барып бир түшөт* («Ала-Тоо»). *Казандай болгон кара таш, Аңкилдек атып секирди* («Жазгыч акындар»). *Кайра урчукка тийип, көмүр шагылына урунуп, аңкилдек атты* (Сасыкбаев).

**АҢКИЛДЕТ аңкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢКИЛДӨӨ аңкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКОО** Жоош, момун, куулук-шумдукту билбеген. *Айтмайынча билбеген аңкоо экенсиздер* («Ала-Тоо»). *Агасы кайда, эл кайда, Аңкоо Төштүк билеби?* («Эр Төштүк»).

**АҢКООЛОН** Жоош, момун, куулук-шумдукту билбеген киши болуп көрүнүү, аңкоо сыяктануу.

**АҢКООЛОНУУ аңкоолон** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКООЛУК** Жооштук, момундук, куулук-шумдукту билбегендик. *Сергек болгун ар качан Кимге керек аңкоолук* (Үмөталиев).

**АҢКООСУН** Аңкоолонуу, аңкоо көрүнүмүш болуу. *Аңкоосунбай эле кой жигит* (Убукеев).

**АҢКООСУНУУ аңкоосун** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКУУ аңкы** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКУШТА** *туурасы:* **аңкышта.** *Кырды аша бергенибизде аңкуштаган семиз кызыл*

*суур ийинине кире качты* («Ала-Тоо»).

**АҢКЫ** Жагымдуу буруксуу, буруксуган жагымдуу жыт чыгаруу. *Талаанын түркүн гүлдөрүнүн аңкыган жыты адамдын көңүлүн көтөрүп, абаны тазалайт* («Кыргызстан аялдары»). *Аңкыган жыты жыпардай, Айлана көркөм караса* (Бөкөнбаев).

**АҢКЫЙ** 1. Ээн болуу, аңгырап бош калуу. *Журттар айылсыз аңкыйып бош жатат* (Жантөшев). 2. Аңкаюу, таң калуу, делдейүү. *Мен аңкыйып, Динардын оозун карап калыпмын* (Сыдыкбеков).

**АҢКЫЙТ аңкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢКЫЛДА** 1. Катуу добуш чыгарып үрүү, кишенөө, айкыруу (итке, жылкыга, эшекке карата). *Кичинекей кандек аңкылдап жаны тынбай үрө берет* («Чалкан»). *Байдын сары ала дөбөтү өткөн-кеткенге жөнү жок эле аңкылдап үрө бере турган короочу ит эле* (Убукеев). 2. Үнду катуу чыгарып оройлонуу, оройлук кылып бакылдай берүү, катуу-катуу сүйлөнүү.

**АҢКЫЛДАК** Аңкылдаган, аңкылдап жаагын жанган, анды-дөңдү карабай урдура берме. *Береги өтүкчүнүн аңкылдагы көзү бозоруп карап жүрөт* (Сыдыкбеков).

**АҢКЫЛДАТ аңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢКЫЛДОО аңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКЫТ аңкы** этишинин аркылуу мамилеси. *Атыр жытын аңкытып Айдарым соккон шамалы* (Үсөнбаев).

**АҢКЫШТА** Суурдун «аңкыш-аңкыш» деген сыяктуу үн чыгаруусу. *Үч-төрт суур аңкыштап, ийинине кире качты* (Баялинов).

**АҢКЫШТАТ аңкышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢКЫШТОО аңкышта** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢКЫЮУ аңкый** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢОО аңкоо** менен бирдей. *Ак койдон аңоо, боз койдон маңоо* (макал),.

**АҢСА** 1. Суусоо, каны катып суусаган абал. *Аңсасам суусун кандырчу Туурадан аккан булагым* («Сейтек»). *Искендер аңсап жутарында Черик чыгат* (Турусбеков). 2. Катуу ынтызарланып эңсөө, самоо, дегдөө. *Кыз кезинде Канышты, Кимдер аңсап сүйбөгөн* («Мендирман»). *Ашыглыктын ачылып кени качан, Аңсап жүрүп көрөмүн сени качан?* (Жусуев).

**АҢСАТ аңса** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢСОО аңса** этишинин кыймыл атоочу

**АҢ-ТАҢ** Таң калгандык, айран-таң калып, эмне экенин түшүнбөөчүлүк. *Ошончолук калайык жеңекеңдей долуга, Аң-таң калып калды эми* («Манас»). *Анда жаным, аңтаң калар дүйнө жүзү Машинеге мингизмекмин алда качан* (Өмүрканов).

**АҢТАНДА антанда** менен бирдей. *Ашыпшашып аңтаңдап Качканын тарттым сүрөткө* («Манас»).

**АҢТАР** 1. Ичин тышына келтирип айландыруу, оодаруу, экинчи жагына каратуу. *Аңтара кундуз шамшар бөрк Ал бир жерде калды дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Айдап, коңторуу (жерди). *Трактор минип жер айдап, Дыңды аңтарып таштагын* (Осмонкул). 3. Издөө, тинтүү. *Атамдын бир сүрөтүн таап чыктым, Аңтарып издеп жүрүп чемоданды* (Абдырамaнов). *Аялдардын түйүнчөктөрүн аңтарып жүргөн немецтерди көрүп Лиза ого бетер ызырынды* (Бөкөнбаев). *Батыш жүктүн астын аңтарып жатып, мылтыгын таап берди* (Байтемиров).

**АҢТАР-ТЕҢТЕР** Башаламан, астын-үстүн. *Кечээ заман аңтар-теңтер болор замат көзү ачылып, демократ болуп чыга келди* («Асаба»). *Бардыгы аңтар-теңтер түшүп калды* (Абдукаимов).

**АҢТАРА** Ичин сыртына келтирүү, тескерисинен оодаруу. *Тонун аңтара кийүү. Аңтара туруп таштоо.*

**АҢТАРАСЫНАН аңтара** менен бирдей.

**АНТАРКТИКА** *геогр.* Жер шарынын түштүк полярдык областы.

**АҢТАРТ** ***антайда*** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢТАРЫЛ** Ичи тышына, сырты ичине келип калуу, аласалуу, оодарылуу. *Аңтарылган машинага учуп-күйүп барышса, каректин нурун от кылып жараткандан жан суратып жатыптыр* («Адабий Ала Тоо»).

**АҢТАРЫП-ТЕҢТЕР** Кайра-кайра аңтаруу, астын-үстүн кылып аңтаруу, аңтарып издей берүү. *Чөнтөгүңдү үч саат аңтарыптеңтерип жатып тапканың ушул элеби* («Чалкан»).

**АҢЧЫ** Жапайы айбандарды кармоо, атып алуу менен кесип кылуучу, аң уулоочу, мергенчи. *Аңчы болгон кишиге Алгыр тайган, куш жакшы* (Токтогул). *Сонор кууган аңчыга Кыламык жааган кар жакшы* («Мендирман»).

**АҢЧЫЛЫК** Аң уулоо, мергенчилик кылуу кесиби. *Аңчылык кесиби. Аңчылык терминологиясы.*

**АҢШАЙ** Тиши түшүп, карыган кейипте болуу, кемшейүү. *Тиши түшүп аңшайып, кемпир болуп калыптыр.*

**АҢШАЙТ аңшай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢШАНДА** Тиши түшүп, аңшайып калган көрүнүштө сүйлөө, кемшендөө.

**АҢШАНДАТ аңщаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢШАНДОО аңщаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢЫ КАЧУУ** *аңч.* Аңчылык ырым-жырымдарды, ишеничтерди туура сактабагандыктан аңчынын аң уулоого чыкканда жолу болбой, кур кайтуу түшүнүгү. Мисалы, түлкүнүн кийимге тийген канын жуубоо керек, эгер жууса, аңчынын аңы качат ж.б.

**АҢЫЗ I** Айдалган эгиндин түшүмүн жыйнап алгандан кийинки орду. *Буудай аңыз. Беде аңыз. Балдар уйларды аңызга аркандап коюшту* (Абдукаримов).

**АҢЫЗ II** 1. Кызыктырып эңсете турган имиш сөз; эл оозуна алынып, даңаза болуп кеткен кабар. *Көкөтөйдүн ашы деп, Аңыз кылып келген жан* («Манас»). *Ал окуя айтканга аңыз, жазганга жомок болду* (Бөкөнбаев). 2. Уламыш, жомок сөз. *...түркүн түмөн идиш-аяктар эшек баш Жаныбек жөнүндөгү аңыздын түбү акыйкаттыгын бекемдейт* (Насирдинов). 3. *өт.* Калп сөз, жалган. *Ал бир аңыз, ошого да ишенесиңби.*

**АҢЫЛДА I** 1. Катуу үн чыгарып обу жоктук менен айтуу, кыйкыруу. *Аңылдап ыйлоо. Аңылдап ырдоо.* 2. Шамалдын же желдин ышкырып, аркырап өткөн абалы. *Боз үйдүн тешиктеринен аңылдап кирген шамалга ичиркенип, козулар баштарын чулгуп алды* («Ала-Тоо»). 3. Ээн болуу, бош калуу. *Үй аңылдап бош турат.* 4. Ичте эчтеме сактабай, ачык айта берүү, жашырбай айтуу, ачык-айрым, даалдаган мүнөздө болуу. *Аңылдаган ачык-айрым адам.*

**АҢЫЛДАК** 1. Ичинде арамдыгы жок, даалдак, ачык-айрым. *Аңылдак киши. Баратбай ичине кир сактабаган ачык-айрым аңылдак сонун жигит* («Ала-Тоо»). 2. Обу жок аңкылдап уруша берген, кыйкырына берген киши. *Ал бир аңылдак да, ошого теңелесиңби.*

**АҢЫЛДАТ** **аңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢЫЛДОО** **аңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢЫН** Үрөйүн, эс-учун. *Адамдын аңын учуруп ажыдаардай соргону* («Эл адабияты»).

**АҢЫР I** Канатында, куйругунда карасы бар, күрөң түстүү, өрдөккө окшош жапайы куш. *Шабырдан аңыр учурбай, Шашканда үчтү атчу элең* («Эр Табылды»). *Ак чардакка кошулуп, Аңырлар учат аңкылдап* (Тоголок Молдо).

**АҢЫР II** Таң калуу, аң-таң болуу. *Аламын деген Култебер Аңырып карап калды эми* («Мендирман»).

**АҢЫРАЙ** 1. Оңураюу, арасы же оозу чоң ачылып калган абал. *Алда-кайдан Ак-Бууранын капчыгайы аңыраят* (Жантөшев). *Ар кайсы жеринде муздун жаракалары аңырайып ачылып турат* (Убукеев). *Меймананын аңырайып ачык турган терезесин көрсөттү* (Абдукаримов). 2. Таңыркап оозду ачып калуу, аңкайып туруп калуу. *Көсөл ага таң калгандай аңырая карап жооп берди* (Каимов). *Үйгө киргиче мен аңырайып карап калдым* (Элебаев).

**АҢЫРАЙТ** **аңырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢЫРАКАЙ** Абдан чоң ачылган, аңырайган; арасы кең, ачык болуп көрүнгөн.

**АҢЫРАҢДА** 1. Өкүмдүк кылып омуроолоо, оройлук менен опурулуп бир тийүү. *Арадан кошуп атыңды, Аңыраңдап калыпсың* («Эр Табылды»). – *Чыгарамын! – деп далдалчы аял аңыраңдап атырыла баштады* («Ала-Тоо»). *Сен аңыраңдап, көрүнгөн менен урушуп көпкөн жигит окшойсуң* («Чалкан»). 2. Анча-мынча добушка окшобогон үн чыгаруу, күрүлдөп-шарылдоо. *Кыяндап аккан тоо суусу капчыгай тамаңында аңыраңдап жатат* (Турсунов).

**АҢЫРАҢДАТ** **аңыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АҢЫРАҢДОО** **аңыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢЫРАЮУ** **аңырай** этишинин кыймыл атоочу.

**АҢЫРКА** *диал.* Таңдануу. *Асандын үйүнө аңыркап отурат.*

**АҢЫРТ I** 1. Анык болбогон кабар, дейт-дейт, имиш-имиш болуп жүргөн сөздөр. *Күнүгө жаңыланып сүйлөнгөн аңырт сөздөр кембагалдардын үрөйүн учурат* (Осмоналиев). *«Имиштер» аңырт эмес, чындык экен, Кеңешип жигит шайлап калышты элден* (Абдыраманов). 2. *диал.* Ушак, айың сөз. *Мындай деген аңырт угулду.*

**АҢЫРТ II** *диал.* Ээн. *Журт аңырт калбасын.*

**АОРТА** Жүрөктүн сол жак карынчасынан башталып чыгып, дененин өпкөдөн башка бөлүгүнө тазаланган канды таратуучу эң чоң артерия (кан тамыры).

**АП I** «Бали!» деген сырдык сөзгө кошулуп, күчөтүү, кубаттоо маанисинде айтылат. *Ап бали, ырас болбодубу!*

**АП II** Сын атоочтун апаппак, апанык, апачык, апарык сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**АПА** 1. Баланын тууган энеси. *Кол кабыш кылып, калың эл, Кор кылба карган апамы* (Токтогул). *Жүрөк түйлап алкымыма тыгылды, «Апаң оор» деген сөздү укканда* (Байзаков). 2. Жалпы эле энесиндей болгон аялдарга кайрылганда айтылуучу сөз. *Алпештеп сүйүп өстүргөн Апалар айтат саламды* (Бөкөнбаев). *Турсун апа, бай колхоздун сакчысы, Сан байлыктын ушунда алтын ачкычы* (Осмонов).

**АПААТ** **апат** менен бирдей. *Ушундай апаат күндөрдө, Уяттан-уят эмеспи, Улуңдун үйдө жатканы* (Бөкөнбаев). *Батыштагы апааттын басылганына үч гана жыл болду* («Ала-Тоо»).

**АПАЗ:** Сөз, кеп. *Койчу, жаман апазды*

*айтпачы!* (Жантөшев).

**АПАЙ I** Айдөөш, жантайыш, жантайма. *Төштөгү апай беттин баары кайрак* (Таштемиров). *Апай бетте чуркап, Динар далайга гүл терди* (Сыдыкбеков).

**АПАЙ II** «Апа» деген мааниде өзүнөн улуу, апасы курактуу аялдарга кайрылуу формасы. *Машина да жолдон чыкчу беле, апай! Муку башкарып бараткан шофер эмеспи, көрбөйсүзбү? – деди Акия* (Сыдыкбеков).

**АПАК-ШАПАК** Көк жээктеги күндүн кызылы. *Нөкөн болуштун жигиттери таң апак-шапак болуп торгой чулдурай Берген кезде, Чүй суусун кечип өтүшүп, Чөмүчтүн көлүнө жете келишти* (Үмөталиев).

**АПАКАЙ** 1. Таптаза, аппак; таптаза болуп үтүктөлгөн же жылмакай ак. *Апакай колдорунун кичинекей манжаларын санап чыкты* (Таштемиров). *Халатынын жакаларын кымтылап, апакай төшүн дароо жаап алды* (Акматов). *Кир кол менен кармагыс апакай, назик үлбүрөк* (Өмүрканов). 2. Татынакай, кооз, көзгө көрүнүктүү (көбүнчө балдардын речинде колдонулат). *Апакай көйнөк. Колуна кармаганы апакай бүрдүү гүлкайыр* (Айтматов).

**АПАКЕ** Апасына же апасы курактуу аялга сый менен кайрылуу формасы. *Отунуңузду да жарып берейинби, апаке* («Жаш ленинчи»).

**АПАКЕБАЙ** *диал.* Апанын эркелетүү, жалыныч маанидеги формасы.

**АПАКЕЛЕ** Кайра-кайра «апаке» деп, апага жалынуу, кайрылуу, апалап эркелөө. *Ажар апакелеп, боздоп ыйлады* (Баялинов). *Мени менен теңчамал, Кошунанын кызы бар, Апакелеп апамды Сүйлөгөнгө тили бар* («Кыргызстан аялдары»).

**АПАКЕЛЕТ апакеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПАКЕЛӨӨ апакеле** этишинин кыймыл атоочу.

**АПАЛАТ апала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПАЛА** Кайра-кайра «апа» деп кайрылуу, айта берүү, апакелөө. *Кыйналганда үнүм чыгат апалап, Кубанчымды айтканымча шашамын* (Токомбаев).

**АПАЛОО апала** этишинин кыймыл атоочу.

**АПАН-ТАПАН** Төө; төө жөнүндөгү табышмакта анын басканын туурап айтылган сөз. *Апан-тапан, жаман чапан, ийри комуз, чолпон жылдыз* (табышмак).

**АПАП** 1. Эмдөө ырымы. Жаш наристе бир нерседен коркуп калганда колдонулат. *– Кокуй, мунун жүрөгү түшүп калды го! Кемпир, апаптап кой, бол!* (Айтматов). 2. *диал.* Дарылоо жөрөлгөсү. *Киши ооруса, учуктап апап кылат.*

**АППАПАК** Абдан ак, өтө аппак. *Дарыянын эки өйүзүндө малчылардын апаппак чатырлары тигилген* («Кыргызстан аялдары»). *Апаппак болуп ааламга Акшумкар конуп кагандай* (Өмүрканов).

**АПАПТА** *этн.* Бирдемеден коркуп, чочуп калган баланын оозуна сөөмөйүн салып, таңдайын көтөрүп эмдөө. *Атам менен энем бетиме суу бүркүштү, апаптады* (Жантөшев).

**АПАПТАТ апапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПАПТОО апапта** этишинин кыймыл атоочу.

**АПАР** Алып бар, бирдемени алып барып бер маанисинде. *Жазмыш сен, кайдан алып, кайда апардың?* (Өмүрканов).

**АПАРМАН** Кызыл менен сары түстөрдүн ортосундагы түс, апельсиндин өңүнө окшош. *Апарман боёкту шырдак жасагандар, сайма сайган уздар арбын пайдаланаары жакшы белгилүү.*

**АПАТ** Табигый күчтөн же согуштан, талоончулуктан келип чыккан кырсык, бүлгүн. *Арал деңизинин айланасындагы посёлоктордун үчтөн экиси апатка учурады* («Эркин-Тоо»). *Бул апатка эл алды болуп жалгыз ат, жалаң тондуулар туш болду* («Ала-Тоо»).

**АПАТИТ** Фосфор кычкылдуу кальцийден, хлор менен фтордон турган татаал тутумдуу минерал (бул көбүнчө фосфаттык жер семирткичтерди даярдоо үчүн пайдаланылат).

**АПАТИЯ** Кайдыгерлик, айланадагы нерселердин баарына бейтарап кайдыгер, кош көңүл мамиле жасоочулук.

**АПАЧУУ** Абдан ачуу. *Ар кимдин аман болсун апасы, Апам жокто таттуу жесем апачуу* (Өмүрканов).

**АПБАРАКЕЛДЕ** *диал.* Алкоо, жактыруу, ыраазы болуу сезимин билдире турган сөз. *Апбаракелде, деди чокчо сакал.*

**АПЕЙ** Чочуганда, таң калганда айтылат. *Апей, сиз ким элеңиз?* (Убукеев). *– Апей, аны ким айтып жүрөт, агай? – деп Батыйма чочуп кетти* (Убукеев).

**АПЕК** *диал.* **апей** менен бирдей. *Апек, тиги эмнеси?*

**АПЕЛЛЯЦИЯ** *юр.* Кандайдыр бир чечимди туура эмес деп, жогорку инстанцияга даттануу.

**АПЕЛЬСИН** 1. Түштүктө өсүүчү, дайыма көгөрүп туруучу цитрус мөмө багы. 2. Ушул жыгачтын тоголок же сүйрүчө келген кызгылтым сары түстүү, калың кабыктуу, тилим-тилим болгон ширелүү жумшак таттуу мөмөсү.

**АПЕНДЕ апенди** менен бирдей.

**АПЕНДИ** 1. Чыгыш элдеринин оозеки аңгеме, анекдотторунда жолугуучу типтүү, туруктуу каарман, дайыма адилеттикти, акыйкаттыкты, чынчылдыкты жактоочу. 2.

Аңкоо, дөөпөрөс чалыш. *Калканбай өзүмдү тартпай, коён жүрөк апенди чалыш болуп калды деп, Эшкулду жактыра бербейт* (Бейшеналиев).

**АПЖИП** *туурасы:* **абжип**.

**АПИЙ** 1. Уялгандыгын, уят экендигин билдирүүдө колдонулат. *Апий бетим, эмне дейсиң? Калдаңдабай тарт колуңду* (Токомбаев). 2. **апей** менен бирдей. *Апей, Алтыке, сага эмне болду?* (Каимов).

**АПИЙИМ I** 1. Кызыл, ак гүлдүү, майда уруктуу тоголок башы бар, сабагы узун келген дары өсүмдүк. *Бир күнү Солто деген тууганыбыз келип, Беккул экөөбүздү апийим тилимине алып кетмек болду* (Элебаев). *Шейше апийимдин жөөктөрүн аттап-буттап аялдарга келет* («Ала-Тоо»). 2. Ушул өсүмдүктүн башы ката электе тилип, сүтү тоборсуп, кургай электе кырып алынган дарылык үчүн колдонулуучу маңызы. 3. *өт.* Баңги зат. *Маркс динди адамдын башын айландыруучу апийим деген.*

**АПИЙИМЧИ** 1. Апийим айдап өстүргөн, апийим чарбасында иштеген киши. 2. Апийим жечү, апийим ичүүчү, баңги.

**АПКААРУУ апкаары** этишинин кыймыл атоочу.

**АПКААРЫ** Коркколдо, шашылганда же сүрдөп калганда эмне кыларды, эмне дээрди билбей аптыгуу, сөз келбей, сөз таппай сүйлөй албай калуу. *Мен апкаарый түштүм* («Ала-Тоо»). *Апкаарыба, сүрдөбөчү, Ажарыңдан өбөйүн* (Байзаков).

**АПКААРЫТ апкаары** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПКЕЛ** *сүйл.* Алып кел (бирдемени алып келип бер маанисинде). *Алпарган жол кайра тууган жериңе Апкелсе экен сени...* (Эралиев). *Анчалык алыс жол жүрүп, Апкелдим салам элиңден* (Бөкөнбаев).

**АПКЕЧ** Эки башына эки чака илип, ийинге салып суу көтөрүүгө ылайыкталган курал; бакан. *Саадат апкечти кандай жеңил көтөрөт* (Айтматов). *Зулайка апкеч, эки чака алып чыгып кетет* (Турусбеков).

**АПКӨЙ ТИЛ** Бал тилге салып, куулук көрсөтүүнүн, алдоонун амалы. *Байымбет бу саам апкөй тил, азем мамиленин түпкүрү көк иримдүү экенине көзү жете камсыкты* (Бейшеналиев). – *Эх, митайым, тоголонгон молдом, апкөй тилиңдин мээри бар* (Бейшеналиев). *Кудайназардын каткыра сүйлөгөн апкөй тили үчүн бекер иштеп жүргөн туугандары да көп* (Жантөшев).

**АПКӨЙ ТИЛГЕ САЛУУ** Бал тилге салып алдоо, азгыруу, муютуу. *Мамбет мырзанын жигиттеринин апкөй тилге салып шыбыштап сурангандарына ишенбеди* (Бейшеналиев). *Амалдуу ата апкөй тилге салып, көбүн көндүрүп, азын жеңилдетип, айланы түгөтөт* (Бейшеналиев). *Атаңды көндүр дешип, аны да апкөй тилге салышты* (Убукеев).

**АПКӨЙЛӨН** Апкөйлүк кылуу, алдоо.

**АПКӨЙЛҮК** Куулук, алдамчылык, митаамдык. *Деп оңбогон шум кемпир, Апкөйлүгүн ашырды* («Мендирман»).

**АПКЫТ** Бут кийимдин согончокко туура келген арткы катуу бөлүгү. *Өтүгүнүн апкытын кармап, кончун чоюп койду* (Жантөшев).

**АПЛОДИСМЕНТ** Кол чаап колдоо көрсөтүү, сүрөө.

**АПОГЕЙ** 1. *астр.* Айдын орбитасындагы планеталардын жана эң алыскы аралык чекити. 2. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин жеткен жери; эң жогорку чекити, баскычы, четки чеги.

**АПОЛИТИЗМ** *саяс.* Саясатка, аралашуудан качуу, кош көңүл мамиле жасоо.

**АПОЛЛОН I** 1. Байыркы грек мифологиясындагы күн кудайы, искусствонун колдоочусу. 2. *өт.* Сулуу эркек. 3. Көптөгөн майда кометалардын бири.

**АПОЛЛОН II** *биол.* Калдыркандардын бир түрү.

**АПОЛОГЕТИКА** Кандайдыр бир адамды, окууну, коомдук түзүлүштү алдын ала эле жактай берүү.

**АПОЛОГИЯ** Ыгы жок, тенденциялык түрдө мактоо, бирдемени же кимдир бирөөнү жанталашып, ыгы жок коргоо.

**АПОРТ** 1. Кечирээк жетилүүчү, мөмөсү ири, кызыл келген алма сорту. 2. Ушундай сорттогу алма багынын мөмөсү.

**АПОСТОЛ** *дин.* Ыйса пайгамбардын 12 шакиртинин бири (апостолдо). Христиандыктын алгачкы кездеринде бир топтон экинчи топко жөө жүрүп жетип, дин окуусун үгүттөгөн адам.

**АПОСТРОФ** 1. Кээ бир чет тилдеринде энчилүү аттардын жазылышында (мис., Д'Обиньи, О' Коннор); 2. жазууда түшүрүп коюга боло турган тамгалардын ордуна (мис., объект об'ект); 3. Редукцияланып таптакыр түшүп калган үндүү тыбышты транскрипциялоо үчүн тамганын үстү жагына коюлуучу үтүр сыяктуу белги.

**АПОСТРОФА** *адаб.* Адабий чыгармаларда кеңири кездешкен стилдик ыкманын бир түрү. Көзү өтүп кеткенге тирүүдөй, жансызга жандуудай, жок нерсеге бардай кайрылуу. *Жолдош Маяковский, Бир кезекте Кыргыздар көрбөптүр төрт дөңгөлөктүү араба...* (Мидин).

**АПОФЕОЗ** *муз.* 1. Опера, балеттик чыгармалардын көпчүлүк аткаруучулардын катышуусунда салтанаттуу аяктаган акыры. 2. Кандайдыр бир адамды же көрүнүштү, окуяны көкөлөтүп мактоо.

**АППАК** Абдан ак, өтө ак, апакай. *Тилекматым аппак сакал абышка* (Маликов). *Аппак сүткө кумалак түшкөн сыяк, Аруу-*

*лукка кол салуу абдан уят* (Байзаков).

**АППАРАТ** 1. Кандайдыр бир иште колдонууга ылайыкталып жасалган прибор. *Телефон аппараты. Кино тартуучу жана кино көрсөтүүчү аппараттар сатылып алынды.* («Жаш ленинчи»). 2. Башкаруу же чарба ишинин белгилүү бир тармагын тейлөөчү мекемелердин жыйындысы жана ушул мекемелерде иштеген кызматкерлер тобу. *Мамлекеттик башкаруу аппаратында иштеген кызматчылар тың, иш билги болсо, көп маселелерди жеңил чечүүнүн жолдору табылат.*

**АППЕНДИЦИТ** Сокур ичеги. – *Ооруңуз аппендецит экен, – деди врач* («Ала-Тоо»).

**АППЕТИТ** 1. Тамакка ичтейи ачылуу, тамак ичкиси келгендик, табит. Алмаздын *аппетити жоголуп, тамак ичпей калган эле* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Арааны ачылгандык, сорголтук.

**АППЛЕТ** *комп.* Башка программадан мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен чакан программа.

**АППЛИКАЦИЯ** Бирдеменин бетине түрдүү түстөгү кездеме же кагаз кыйыктарын желимдеп же тигип жабыштыруу менен сүрөт жасоо жолу. Ошондой жол менен жасалган сүрөт.

**АПРЕЛЬ** Юлий календары боюнча жылдын төртүнчү айы. *Кош сентябрь, кош, апрель, айлары, Жыл жаңырып, жаңы жылга айланды* (Осмонов).

**АПСАЙ** Саксайуу, калың түккө, чачка бастыруу, чачтын, сакал-муруттун алынбай, тегизделбей өсүп кеткен абалы (адамдарга карата), саксайган узун жүндүү (жаныбарларга карата). *Апсайган картаң чал менен кантип күн өткөрүүгө болот?* (Абдукаримов). *Эшиктин алдында апсайган чоң ит жатат.*

**АПСАЙТ апсай** этишинин аркылуу мамилеси. *Чачтарын апсайтып эрчитип алды.*

**АПСАЛА I** 1. Жомок, уламыш. 2. Калп, ойлоп чыгарылган айың. *Алалдыгы чын болсо, Андай апсала сөздү коёлук* («Манас»).

**АПСАЛА II** 1. Солуу, шөлбүрөө. 2. Шалкысы бошоо, суз тартуу. *Анын апсаласы түшүп кетти. Анын апсаласы суз.*

**АПСАҢ: апсаң-апсаң** Апсайган кебетедеги олдоксон, ыгы жок көрүнүштү, кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Апсаң-апсаң этүү.*

**АПСАНДА** Апсайган, үксүйгөн кебете менен олдоксон, ыгы жок көрүнүштө болуу, апсаң-апсаң этүү.

**АПСАНДАТ апсанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПСАНДОО апсанда** этишинин кыймыл атоочу.

**АПСАЮУ апсай** этишинин кыймыл атоочу.

**АПСИ** *туурасы:* **напси.**

**АПСЫЙ апсай** менен бирдей. *Апсыйган сакал.*

**АПТА** Бир жума, жети күндүк мезгил. *Өзгөчө эгин жыйнап келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй, эгин төгүп, станцияда жүрчүбүз* (Айтматов). *Кулбаш апта сайын келип турчу эле* (Абдукаримов). *Эңишке балбан чыгарып, Эки апта берди кызыктай* («Эл адабияты»).

**АПТАБА I** *диал.* Колго суу куюучу узун моюндуу жез кумган. *Аптабага суу көтөрүп, бай колуна суу куйганы жигиттердин бири өргөөгө кирет* (Сыдыкбеков).

**АПТАБАЧЫ II** Хандын, улуу даражалуу адамдардын колуна суу куюп берип туруучу кызматкер. *Ушул жерде Абдырахман аптабачы ордунан турду* (Касымбеков).

**АПТАК** *диал. к.* **аптап.**

**АПТАМА аптаба** менен бирдей.

**АПТАП** Күндүн ысык илеби, күн нурунун ысык табы. *Кеч кирип келе жатканы менен, күндүн аптабы али кайта элек* (Айтматов). *Аптаптын илеби бир аз кайтайын деп калган* (Абдукаримов).

**АПТАПТУУ** Аптабы күчтүү, илептүү, ысык. *Аптаптуу абада бышкан коондун, жер жемиштердин аралашкан жыты аңкыйт* («Ала-Тоо»).

**АПТАРЧЫ** Майда буюм-терим, парфюмерия соодасын жүргүзүүчү жеке соодагер.

**АПТАРЫЙКАТ, АПТАРЫЯТ** *сүйл.* Бедел, зоболо, авторитет.

**АПТЕКА** Врачтардын рецеби боюнча дары-дармек даярдоочу, дары-дармекти жана медициналык башка товарларды сатуучу мекеме, дарыкана.

**АПТЕКАРЬ аптекачы** менен бирдей.

**АПТЕКАЧЫ** Аптекада дары-дармек даяйындап, саткан адам.

**АПТЕЧКА** Талаа-түздө же врачтар болбогон башка жайларда өз алдынча жардам көрсөтүүгө ылайыкталган дарылар же таңуу, байлоо үчүн керектелүүчү жана башка нерселер салынган кутуча.

**АПТИ** Бет, жүз, өң.

**АПТИЕК** *дин.* 1. Курандын жетиден бир бөлүгү. 2. Революцияга чейинки мектептерде окуу куралдарынын бири. *Аптиек менен куранды, Окубаган балалык* (Жеңижок). *Аптиек окуп кат кылдың, Алданын сөзүн жат кылдың* (Токтогул).

**АПТИЙЕК аптиек** менен бирдей. *Аптийек тилин байкаган* («Семетей» С.К.).

**АПТОО** *диал.* **аптап** менен бирдей.

**АПТОРОЙ** Жалпы, бүт, жалаң, баары. Кээде бүт дүйнө, жер жүзү, жер бети маанилеринде да айтылуу учурлары кездешет. *Апторой журтка чачып айт* («Манас» С.О.).

**АПТЫГУУ аптык** этишинин кыймыл атоочу.

**АПТЫК** Сүйлөөрдө же тамактанаарда шашыла энтигүү, эркин дем ала албаган абал-

да болуу. *Сагындын аптыккан тамагы эми гана ачылды* (Байтемиров). *Жүрөгүмдүн аптыкканын токтотуп, үнүмдү калыбындай чыгарууга тырыштым* (Элебаев).

**АПТЫКТЫР аптык** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПТЭЭК аптиек** менен бирдей.

**АПУЕ** *диал.* Эже.

**АПЧУУ апчы** этишинин кыймыл атоочу.

**АПЧЫ** Чапчуу, аткып алуу. *Кемпир молдонун бетин апчып аларда, ал тура калып кутулду. Бек апчып билет салган төш чөнтөгүн, Жаш баатыр жыгылыптыр ушул жерде* (Үмөталиев).

**АПЧЫЛ апчы** этишинин туюк мамилеси.

**АПЧЫТ апчы** этишинин аркылуу мамилеси. *Бетиңди апчытып алба* («Чалкан»).

**АПЧЫШ апчы** этишинин кош мамилеси.

**АПЫ** ***апы-їпї*** Кыргыз фольклорунда дарынын аты.

**АПЫЗ** 1. *адаб.* Сактоочу, чыгыш элдеринде акын, ырчы ушундайча айтылган. 2. Акын, көп ырды жатка билген адам. *Мен ырдайын бир саат, Апыздар бир пас тура тур* (Эл ырлары). *Бөрүбек деген апыз өткөн.*

**АПЫКЕ апаке** менен бирдей. *Мен эмесмин, апыке* (Сыдыкбеков).

**АПЫЛДА** 1. Шашып-бушуп, чоң-чоң сугунуп тамак жеш. *Курсагым ачкандыктан алдыма келген тамакты апылдатып тез эле жеп бүттүм* («Жаш ленинчи»). 2. Мактанып, опуруп-жапырып сүйлөө. *Апылдайсың дайны жок, Аңтара салчу сен эмес!* (Осмонкул).

**АПЫЛДАТ 1. апылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПЫЛДОО апылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АПЫЛ-ТАПЫЛ** Тез, ылдам, шашылыш түрдө, арыдан-бери. *Апыл-тапыл камынып, Аттанды колдун баарысы* (Тоголок Молдо).

**АПЫРАНДА** Бапыранда, карбаластаган аракетте болуу, катуу-катуу оройлонуп сүйлөө. *Апыраңдап болбойсун, Же арак ичкен массыңбы?* (Калык).

**АПЫРАНДАТ апыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АПЫРАНДОО апыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АПЫРТ** Чыныгы болгон абалынан, чыныгы көрүнүшүнөн ашырып, күчөтүп айтуу, сүйлөө. *Омор апырта сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Айдараалы ар кандай нерсени апыртып жибере турган* (Абдукаримов).

**АПЫРТМА** Апыртылып, ашыра күчөтүлүп айтылган сөз. *Кечиргиле жолдоштор, Апыртма болсо сөзүмдө* (Шүкүрбеков).

**АПЫРТМАЛУУ** Апыртмасы көп, ашыра күчөтүлүп айтылган. *Апыртмалуу адамга, Алыстан чыккан чаң жакшы* («Мендирман»).

**АПЫРТУУ апырт** этишинин кыймыл атоочу.

**АПЫРЫК-САПЫРЫК** Ыпыр-сыпыр таштандылар, кашек-кушек. *Өтүкчүнүн үйү апырык менен сапырык* (макал). *Үйдүн ичин апырык-сапырык кылып жиберишти* («Ала-Тоо»).

**АПЫРЫЛТ апырт** менен бирдей.

**АР I** Намыс, уят. *Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу* (макал). *Айылда өзүң билгенсип, Ары жок кандай баласың* («Эр Табылды»). *Багы болсо жигиттин ары болсун жигиттин* (Турусбеков). *Ак буудай септик, пахта эктик, Ар көрдүк бекер жатканды* (Турусбеков).

**АР II** 1. Заттын жекелигин аныктоо катарында колдонулат. *Ар күнү көзүң көрсөм дейм, Алыссың, кандай кыламын* (Маликов). *Арстан Манас баатырдын, Ар мүчөсү башкача* («Манас»). 2. Аныктама ат атоочту уюштурат. *Ар ким. Ар кайсы. Ар бир.* 3. Тактоочту уюштурат. *Ар качан. Ар кайда.*

**АР III ары II** менен бирдей. *Ар жакта турган.*

**АР IV: ар чычкан** *к.* **чычкан.**

**АР ДАЙЫМ** Бардык учурда. *Ата-эненин эмгегин, үмүт-тилегин ар дайым эстөө керек.*

**АР ЖАГЫНА АЙЫЛ КОНУУ** Курсагына бир нерсе барып, бир аз алымсынып, ток пейил тартып калуу. *Ар жагына айыл конуп калган го, тамакты карабай калыптыр.* **В.: Курсагына айыл конуу.** *Боорукер адамдардын бергенин жалмалап, курсагына кичине айыл конгон баласынын көңүлү ачылып, эртеңкиси менен иши жок бейкапар отурганына карап, эне аргасыздан шуу үшкүрүп койду* (Өмүрбаев).

**АР КАЧАНДАН БИР КАЧАН** Ар дайым, дайыма, такай. *Ар качандан бир качан «менин врачтык стажым сенин жашың менен тең» деп элдин көзүнчө кагып-силкет* (Бердикеев).

**АР КЕЗ** Эч качан, дайыма эле.

**АР КИМДИН ЖАШАГАН ЖЕРИ ӨЗҮНӨ МИСИР** Туулган жер ыйык, жагымдуу, жыргал деген мааниде. *Ар кимдин жери мисир го. Сары-камыштыктар өз жерин жерге теңебейт* (Садыбакасов).

**АР КОШКОН** Түрдүү, бирдей эмес, курама, ар кайсыдан куралган, бириккен, ар кандай. *Ар кошкон коюу жыттардын кайсынысы эмненики экенин биле албай, арасаат абалда шумүрөйүп турган* (Жигитов).

**АР КЫЛ** Түрдүүчө, ар кандай, ар түрдүү. *Акбалта айтып ар кыл кеп, Урук сурап токтоду* («Манас»). *Ар кыл кыйноо турмушка, Көнүп келдим Токтогул* (Токтогул).

**АР УБАК, АР УБАКЫТ** Дайыма, бардык учурда. *Алтын менен күмүштөй, Ар убакта*

*жылтылдайт* (Токтогул). *Элестеп көз алдыма ар убакыт, Тоо кызы, көзүң кысып күлүңдөйсүң* (Шимеев).

**АРА** 1. Эки чектин ортосундагы аралык, бош жери, боштук. *Тегерек-Суу эки асканын арасы менен жайыла, жылма агып, күпүлдөгөн үнүн жашыргансыйт* (Жантөшев). *Эртерээк жолго чыкпасаң ара жолдо каласың (Сыдыкбеков)*. 2. Эки мезгилдин ортосундагы убакыт. *Антип-минтип арадан эки күн өттү* (Жантөшев). 3. Ортодогу мамиле, байланыш. *Андай бузук адамдар, Агайинден жат кылып Бузуп коёт араңды* (Токтогул). *Ачылып барат арабыз Келишкен кепке жете албай* (Тоголок Молдо). 4. Белгилүү маалынан мурда туулган, маалына жетпей төрөлгөн. *Ара козу. Ара төрөлгөн бала.* 5. Жакын арадагы жер, айлана-чөйрө. *Бул араны Нурбай такыр көрбөгөн* (Токомбаев). 6. *өт.* Кишилер менен биргеликте, эсте жүргөндүк. *Мидиндин ырларын окуганыбызда лирикалык каарман тирүү бойдон, жапжаш бойдон арабызда* (Турсунов).

**АРА-БЕЧЕЛ** Жүүнү бош, араң жан. Эрте төрөлгөн.

**АРА БӨК** *туурасы:* **арабөк** *Ара бөк калган короолордо мындай абалды четтен кезиктирүүгө болот* («Советтик Кыргызстан»).

**АРА ЖОЛДО** Же ары, же бери эмес белгисиздикте, олку-солку болгон абал, көздөгөн максатына жетпей калган көрүнүш. *Өлүү эмес, же тирүү эмес, ара жолдо турам* (Жантөшев). *Көр тирликтин айынан же окуусун бүтпөй же тыңгылыктуу жумуш таппай ара жолдо жүргөн жаштар көбөйдү* («Замандаш»).

**АРА ЖОЛДО КАЛУУ** Болжолдуу жерге, максатына, мүдөөсүнө жетпей калуу. *Ошентип, биз бүгүндөн баштап ара жолдо калдык* («Ала-Тоо»).

**АРА-ТОРО** Иш арасында, ара чолодо, бош боло калган учурда, кезек-кезек. *Койду аратородо балдарыма көздөтчү элем, эми аны такыр койдум* (Өмүрбаев).

**АРА-ЧОЛО** Кез-кезде, сөз арасында, иш арасында, бош боло калган учурда. *Арачолодо айтып калчу эле* (Станалиев).

**АРАА** Жыгачты, металлды кесүү үчүн колдонулуучу темирден жасалган тиштүү курч аспап. *Кол араа. Темир кескич араа. Капитан Каныбектер мечен алгоолошуп араа тартыша баштады* (Жантөшев).

**АРААЛА** Араа менен кесүү, таарууу. *Отун араалады. Дөңдүн белин жеңдей булак жеп барат, Дөңгөч белин араалаган араадай* (Өмүрканов).

**АРААЛАГЫЧ** Араалай турган буюм же машина. *Аралагыч машинеден бирди алып ишке кириши* (Макенбаев).

**АРААЛАТ араала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРААЛАШ араала** этишинин кош мамилеси.

**АРААЛОО араала** этишинин кыймыл атоочу.

**АРААН: арааны ачылуу, арааны жүрүү.**

**АРААНЫ АЧЫЛУУ** Алкы бузулуу, алдым-жуттум жагына оой баштоо, ач көздүк кылуу, нысабы кетүү. *Бирок калпанын арааны, кулкуну опсуз ачылууда* (Бейшеналиев). *Ырыскы-насипке шүгүрчүлүк келтирүүнүн ордуна, күн санап арааны ачылып бaратат* (Укаев). *Арааны ачылып, баймaнасы ташыган жаш манаптын чолоосу тийбейт* (Бейшеналиев). *Бекер малга кызыгып, Ачылып кетет арааны* (Токтогул). *Күндө майрам, күндө той болуп, арааны ачыла баштады.* **В.: Арaанын агытуу.** *Адам араанын агытканда ынсап дегенди таптакыр унутуп салат экен да* (Сыдыкбеков). *Күндө той болуп, араанын агыта баштады. Адам араанын агытканда ынсап дегенди таптакыр унутуп салат экен да* (Сыдыкбеков).

**АРААНЫ ЖҮРҮҮ** Иши оңолуу, жолу болуу, иши көңүлдөгүдөй, ойдогудай болуу, бийлиги жүрүп, талабы ишке ашып туруу. *Эми жүрөр деп болжоп, Эр Жакыптын арааны* («Манас»). *Адамдын арааны жүрүп турганда гана ага көрүнгөн жолдош, дос, тууган чыгат* (Бектенов).

**АРААНЫН АГЫТУУ** *к.* **арааны ачылуу.**

**АРАБА** 1. Ат, өгүз ж.б. унаа күчтөрүн чегип жүк ташууга арналган эки же төрт дөңгөлөктүү транспорт каражаты. *Чөп ташыган араба. Жаз – арабаңды майла, кыш – чанаңды шайла* (макал). *Алиманды көтөрүп келип, арабага жаткырдык* (Айтматов). 2. Майда жүк ташуу үчүн же балдарды салып сүйрөш үчүн колдонулуучу, кичинекей дөңгөлөктүү үй буюму. 3. Автомобиль, машина. *Шаардын көчөлөрүнө «Ауди», «Мерседес», «Тойота» өңдүү арабалар толуп кетти.*

**АРАБАКЕЧ** Араба айдоочу киши. *Отун тартууга эки арабакечти бөлөйүн* (Бейшеналиев).

**АРАБАЧЫ** *сейр.* **арабакеч** менен бирдей.

**АРАБДАР** *ж. с.* араб. Алдыңкы Азия жана Түндүк Африкадагы бир нече өлкөлөрдө жашаган көп сандаган элдердин жалпы наамы.

**АРАБӨК** 1. Ортодо, же ары, же бери эмес, арсар абалда, орто жерде. 2 *диал.* Жоро-бозо ичкенде аяк сунбай аттатып жазалоо жөрөлгөсү. *Саламчыда арабөк калуудан ашкан кордук барбы?* 3. Ордо оюнунда ичке түшкөн кишинин колу чүкөгө жетпей калган учуру. *Ичке түшкөн менен арабөк калды.*

**АРАБЧА** Араб тилинде. *Арабча сүйлөө.*

**АРАБЫ КИЛЕМ** Килемдин бир түрү.

**АРАГА ТҮШҮҮ** Урушкан, таарынышкан адамдарды жараштыруу, элдештирүү кепке-

сөзгө келтирүү милдетин аткаруу. *Асыл Бакай кабылан, Арага түшүп калыптыр* («Манас»).

**АРАДАЙ ЖЕРГЕ ЧАРАДАЙ ЖЫЙЫН КЫЛУУ** Кичинекей эле нерсени чоң көрсөтүп дуулдатып, күчөтүп жиберүү. *Бул эмне кылганыңар? Арадай жерге чарадай жыйын кылып?* («Чалкан»). *Арадай жерге чарадай жыйын кылып, ишти буза тургандардын жазасын берүү керек* («Чалкан»).

**АРАДАН** Ортодон; мезгил аралыгынан. *Арадан сабалап айлар өттү, мезгил бир тоголок жылга айланды* (Акматов).

**АРАЗ** Таарынышкан, чатакташкан абал, өз ара чатак. *Арызды жазды үстүмөн, Араз болгон жатым деп* («Чалкан»).

**АРАЗА** Арыз. *Эки башка кол менен эки аразаны жаздырайын деп жанагы сиз көргөн жигиттер, мусулманча кат билген жигиттерди алдырттым* (Абакиров).

**АРАЗАТ** *туурасы:* **арасат.** *Алар – төртөө, мен – жалгыз, Аразат калдым кыстоодо* (Саринжи-Бөкөй). *Бар болгону жыйырма чакырымча жолдо кечке жеталбай, аразатта түнөп, азап тартып эртеси араң барган.*

**АРАЗДАШ** Мамилени бузуу, уруша кетип, чатакташа кетип таарынышуу. *Кулбаштын бай менен же анын урук-туугандары менен араздашып калышын Салимбай жактырчу эмес* (Абдукаримов).

**АРАЗДАШТЫР араздаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРАЗДАШУУ араздаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАЗДЫК** Таарынычта болгондук, касташкандык. *Араздык каршы жаман сөз, Көбөйө турган көрүндү* («Саринжи-Бөкөй»).

**АРАЙ КӨЗ ЧАРАЙ *к.* орой көз чарай.**

**АРАК** Ичиле турган спирт менен суунун аралашмасынан турган, мас кылуучу ичимдик. *Терменин башы арактан, Ал айланып кетсин тамактан* (Шүкүрбеков). *Арактан мыскал кем эмес, Ак келин кылган кымызың* (Токтогул).

**АРАК САМЫН атыр самын** менен бирдей.

**АРАКЕТ** Бир нерсени иштөөгө жасалган кыймыл, амал, айла, даярдык, кам. *Аракет кылса – берекет болор* (макал). *Мектептин имаратын оңдоонун аракетин кылып, ар жылы көп каражат жумшалып жатат* («Ала-Тоо»).

**АРАКЕТСИЗДИК** Демилгесиздик, бир нерсени жасоого, өзгөртүүгө умтулбагандык. *Тубаса мүнөзбү же ар кыл социалдык-психологиялык терс таасирлерден улам пайда болгонбу, –* ***аракетсиздик*** *– оору жана кылмыш сыяктуу эле эң жагымсыз, зыяндуу көрүнүш.*

**АРАКЕТТЕН** Аракет жасоо, аракет кылуу, кыймылдоо. *Кычан атасын колунан тартып, өйдө тургузууга аракеттенди* (Бейшеналиев).

**АРАКЕТТЕНҮҮ аракеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАКЕТТҮҮ** Бирдемени билүүгө, иштөөгө максатына жетүүгө аракет кылган, аракети бар, дилгир. *Аракеттүү жандуу, жансыз баарысы. Кайта баштан жашаргандай карысы* (Токомбаев).

**АРАКЕЧ** Аракты көп ичкен, ичкиликке берилген, пиянкеч. *Аракечтердин жайын өзүм табам, капа болбоңуз* («Чалкан»).

**АРАКЕЧТИК** Ичкиликке берилгендик, пиянкечтик.

**АРАККАНА** Арак иче турган үй. *Кээ бир жалкоо, аракечтер аракканадан чыкпайт.*

**АРАККОР аракеч** менен бирдей. *Араккор адамга айла жок экен* (Макенбаев).

**АРАЛ** 1. Деңиздин, океандын, көлдүн орто жеринен орун алган, бардык тарабы суу менен курчалган кургак жер. *Сахалин аралы. Куриль аралы.* 2. Суунун, өзөндүн эки бөлүнүп же тарам-тарам болуп кеткен жериндеги ортодо калган кургак жер. *Алакандай арал жок, Аркыраган чоң суунун, Киргенинде карал жок* («Семетей»).

**АРАЛА** 1. Арасында, ичинде жүрүү, кыдыруу. *Токойду аралап киргенде, машке из чала баштады* (Каимов). *Кокту-колот, сайларды, Аралады карт Бакай* («Семетей»). 2. Арасында бирин-серинден бар болуу. *Селкилдеген сакалын, Ак аралап калыптыр* («Манас»).

**АРАЛАТ арала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРАЛАШ I** 1. Аралашмасы бар, бир кылка эмес, биригип кеткен. *Күлкү аралаш дуулдаган үндөр чыгат* (Жантөшев). *Жибек аралаш кездемеден көйнөк тиктирдик эле* («Ала-Тоо»). 2. Кошо, чогуу, бирге. *Ала кар менен аралаш, Эгинди эрте айдаган* (Тоголок Молдо).

**АРАЛАШ II** Кошулуп кетүү, биригип кетүү. *Акман кепке аралашып, мурунку сүйлөгөндүн сөзүн жактап койду* (Сыдыкбеков). *Кырмандын четинде үчкүнү менен аралашып, буудайдын азыраак чары чогулбай жатат* (Жантөшев).

**АРАЛАШМА** Эки же андан көп нерсени аралаштырып жасалган, эки же андан көп нерсенин кошулмасынан турган. *Жыттуу чөптөрдүн аралашмасынан турган чай сатып алдым.*

**АРАЛАШТЫР аралаш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРАЛАШТЫРГЫЧ** Аралаштыра турган (***буюм*** же ***машина***). *Жашылчаларды аралаштыргыч машина.*

**АРАЛАШТЫРУУ аралаштыр** этишинин кыймыл атоочу. *Бул жерге тиешеси жок сөздөрдү аралаштыруунун кандай зарылчылыгы бар? – деп зиркилдеди Бекбай* («Ала-

Тоо»).

**АРАЛАШУУ аралаш II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАЛДУУ** Аралы көп (деңиз, көл же өлкө). *Индонезия – аралдуу өлкө.*

**АРАЛЖЫ** 1. Арачы, ортого түшүүчү: *Жакшы мал жанга аралжы* (макал). *Мамат ортого аралжы болду* («Ала-Тоо») 2. Белгилүү бир натыйжанын, абалдын болуш себеби. *Курмандын жарыш сөзгө чыга келиши өз ара дуу-дуу сөздөрдүн тыйыла калышына аралжы болду* (Убукеев). 3. Убактынча, мүмкүн болгонунча бир нерсенин ордуна жүрө алгандык, ошого тете болгондук, жарагандык. *Тамакка аралжы болуу. Жарма токочко аралжы экен, балам* («Ала-Тоо»).

**АРАЛОО арала** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАЛЧА** Кичинекей арал. *Баланын кемеси бир кичинекей аралчага келип токтоду* (жомок).

**АРАЛЫК** Эки ортодогу алыстык, эки нерсенин ортосу. *Аралыгын жумшартып, калың жерин суюлтасың* (Үмөталиев). *Акын эмес, кыял учуп баратат, Асман-Жердин аралыгын кыдырып* (Байзаков).

**АРАМ I** 1. Жешке, пайдаланууга жарабаган, шарыят жолуна туура эмес, адал эмес. *Адал өлсө бир казан эт, арам өлсө ит менен кушка жем. Эшектин күчү адал, сүтү арам* (макал). 2. Бузук, кара ниет, арамза. *Ким адал, ким арам, Таксыр, калпаларың байкайын* (Токтогул). *Ичи тар, арам жигиттер Ичине бузук түйгөндөй* (Токомбаев). *Арам менен адалды.* («Манас» С.О.).

**АРАМ II** 1. *сейр.* Көңүл жыргалы, ыракат. *Беш түлүктөн мал жыйдым, Беш чака булча арам жок* (фольк.). 2. *өт.* Жакын көргөндүгүн билдирүүдө, көбүнчө балдарга карата эркелетип айтууда колдонулат. *Тигил арам күндө ушунчалык жер тырмачу беле* (Жантөшев). – *Кел, арам, – деди кемпир* (Сыдыкбеков).

**АРАМ КАН** Каны башка, өз тукуму эмес.

**АРАМ ОЙЛУУ** Нээти бузук, кытмырлыгы, кыянатчылыгы бар. *Мен анын арам ойлуу экенин билбейм да, чай ичем деп агабыздын жоргосун уурдатып жибердим* (Эсенканов). *Алардын арам ойлуу экенин билсек, биз да карап жатпаспыз* (Баялинов).

**АРАМ ӨЛҮҮ** 1. Ишеничи, үмүтү ордунан чыкпай калуу. *Сага ишенген киши арам өлөт тура, – деп Дөөтү кекете кобурады* (Осмоналиев). 2. Көзү өтөрдө жанында эч ким болбой, киши көрбөй, ыйманы айтылбай өлүү (адамга карата), мууздалбай калуу (малга карата). *Алиги арам өлгүрлөр кайда? Мамат аке, аларды мага көрсөтүңүз!!!* («Ала-Тоо»). *Арам өлүп, тарп болуп, Ай талаада каламбы?* (фольк.).

**АРАМ ПОРОС** Арамга жакын, арамды жакшы көргөн. *Кээ Адам арам порос, ууру-кески, Өмүрүндө арамдык менен күнү кечти* (Тоголок Молдо).

**АРАМ СИЙДИК** Никесиз туулган, өз атасын билбеген адам. *Арам сийдик Алмамбет* («Семетей» С.К.). *Акыр заман иш кылды Арам сийдик Бокмурун* («Манас»).

**АРАМ ТАМАК** Жан бакты, жатып ичер, жалкоо, даяр оокатка көнгөн, эч иш кылбаган, чөп башын сындырбаган. *Андай арам тамактардын жүзүн көргүм келбей, ал жакка каттабай калганыма көп болду* («Эркин-Тоо»). *Тоймат бийдин уулу, Чырым арам тамак, жатып ичер* (Каимов). *Жашынып үйдүн артында турсам, баягы арам тамак сопу шашкан бойдон кандын үйүнөн чыкты* («Ала-Тоо»).

**АРАМ ТЕР** Куру убаракерчилик, текке кеткен аракет, бөөдө убара, бекер эмгек. *Акылды көп жыл таба албай, Арам тер болдук адашып* (Элебаев). *Айчүрөктү алам деп, Сени кыстап турат арам тер* («Семетей»).

**АРАМ ЧӨП** Отоо, зыяндуу чөптөр. *Огородунда бир тал арам чөп жок* (Байтемиров).

**АРАМДА** Арам болгудай абалга келтирүү, тескери ниет менен булгап коюу, ыпылас кылып салуу.

**АРАМДОО арамда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАМДЫК** Кара ниеттик, арам ойлуулук, бузукулук, ак санабоочулук. *Анын арамдык менен отурганын Анархан сезген жок* (Жантөшев). *Көңүлүнө эч арамдык албаган, Соке* (Сыдыкбеков).

**АРАМЗА** 1. Арам ойлуу, ичи бузук, ниети түз эмес. *Күнөөсү жок кишиге, Арамдык кылып тор жайса, Арамза өзү илинет* (Осмонкул). *Байлар дегениң арамза адамдар экен го* («Ала-Тоо»). 2. Анткорлук, кытмыр ойлуулук, сыртынан ниети дурус сыяктуу көрүнгөн менен ичинен арам ниетте болуучулук. *Арамза кишинин ооруганы менен соо жүргөнү бизге белгисиз болуп жатты* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Жалкоо. *Мындайлар арамзалардын колунан келбейт* (Үсөн).

**АРАМЗААДА** Түбүнөн арамза, ой-пикири түз эмес. *Арамзаада кытмырды, Ким кадырлап, ким сүйөт* (Осмонкул).

**АРАМЗАЛАН** Арамзалык кылуу, жаман иш кылып коюп, билмексен болуп калуу. *Антип арамзаланбай эле кой* («Чалкан»).

**АРАМЗАЛАНУУ арамзалан** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАМЗАЛЫК** Жаман ойдо болгондук, ичи бузукулук. *Мансурдун шойкомдуу митаам көзү арамзалык менен күлүңдөгөндөй болду* (Абдукаримов).

**АРАМПӨӨШ** Арамза, митаам, бузуку.

**АРАМПӨӨШТҮК** Арамзалык, митаамдык, бузукулук.

**АРАМПОЗ** *диал.* Ичи арам адам. *Кара паашанын колунда кичине дүкөрт бар экен, өзү арампоз да.*

**АРАМЫ** Оңбогон, балакет. *Көк экенсиң, бек экенсиң, арамы, Бир жар үчүн аябадың жаныңды* (Байзаков).

**АРАНЕОЛОГИЯ** Зоология илиминин жөргөмүштөрдү изилдөөчү тармагы.

**АРАНЖИРОВКА** Бир аспап үчүн жазылган музыкалык чыгарма экинчи бир аспапка, аспаптык топко, үнгө ылайыктап көчүрүү, иштеп чыгуу.

**АРАҢ** Зорго дегенде, кыйналып-кысталып, эптеп-септеп жатып. *Мерген эртеси күнү төшөгүнөн араң турду* (Сыдыкбеков). *Издеген дары үчүнчү күнү араң табылды* (Абдукаримов).

**АРАҢ ЖАН** Өтө начар, алсыз, жаны эле бар, чабал. *Сатылган араң жан үнү менен саал козголуп койду* (Токомбаев). *Деп, ошентип, Айчүрөк Араң жан келген чорого, Ок өтпөс тонду кийгизди* («Сейтек»).

**АРАҢДАН ЗОРГО** Эптеп-септеп, кыйналып-кысталуу менен. *Путёвкамды араңдан зорго алмаштырдым* («Ленинчил жаш»). *Баласын араңдан зорго автобуска отургузду* («Кыргызстан маданияты»). *Араңдан зорго соолукту* (Осмонкул). *Келиндин тамыры араңдан зорго кагат* («Ала-Тоо»). **В.: Араң дегенде.** *Зарыл араң дегенде Гүлнар турган ташка жетти* (Сыдыкбеков).

**АРАП** Араб эли, араб адамы. *Тил билбеген бендеден, Сексен арап алдырдым* («Манас»).

**АРАПА** 1. Орозо айтынын алдыңкы күнү; шектик. *Бүгүн арапа, эртең орозо кармалат.* 2. *диал.* Орозо айтынын алдыңкы күнү элге берилүүчү тамак.

**АРАПЧА** *туурасы:* **арабча**.

**АРАПЧЫ** Алдамчы, калпычы, зулум.

**АРАСАТ** 1. *дин.* Мусулмандардын ишениминде, тиги дүйнөдө чоң сурак болордо чогула турган майдан, талаа. *Кыямат күнү бардык Адам баласы кайра тирилип, андан соң Арасат деген жайга барат* (Карымбаев). 2. *өт.* Эки арада калуу, эки анжы болуу, дендароо болуу. *Азырынча эч кайсы кандыкка карабай арасат калган ушул жердеги биз көрүнөбүз* (Жантөшев). *Алтын бир деймин тишиңди, Арасат ойлойм ишиңди.* («Эл адабияты»).

**АРАСЫ АЧЫЛУУ** Жакшы санаалаштардын, бара-бара бири-биринен окчундалып, кабарсыз-караансыз калуулары. Көңүл-кадырлары сууп, байланыштарынын үзүлүшү.

**АРАСЫНА ОТ ЖАГУУ** Араздаштыруу, бирин бирине жаман көргөзүү, кайраштыруу. *Баарыбызды кагыштырып, арабызга от жагып ийбесин, – деп чочуладым* (Жигитов). **В.: Ортосуна от жагуу.** *Алардын ортосуна от жагууга далай аракет кылды, бирок эч нерсе чыккан жок* («Чалкан»). **Ортосуна чок салуу.** *Энеси менен кызынын, атасы менен уулунун ортосуна чок салган ким?* («Чалкан»).

**АРАСЫНАН КЫЛ ӨТПӨЙТ** Өтө ысык, өтө ынак, ажырагыс.

**АРАСЫНАН КЫЛ ӨТПӨӨ** Өтө жакын, абдан ысык, таттуу, ынтымактуу мамиледе болуу, бири-бирин жакшы көрүү. *Дамира менен Динара эгиз кыздай болуп, ээрчишип жүрөт. Булардын арасынан кыл өтпөйт* («Ала-Тоо»). *Азыр алардын арасынан кыл өтпөйт.* **В.: Арасынан суу өтпөө.** *А өлтүргүңөр келбесе, туугандарым, баягы араңардан суу өтпөгөн кезибиздей болуп, кайра бириккиле* (Касымбеков).

**АРАСЫНДА** Ортолорунда, катарында, жандарында, ичинде. *Арасында мен да болчумун* (Жигитов).

**АРАЧА** 1. Урушуп жаткандарды ажыратууга кылган аракет. *Аз келсе таяк менен сабап турган, Арача боло албаган жаман тууган* (Барпы). 2. «Урушпагыла» деген мааниде ажыратканда айтыла турган сөз. *Арача, элдер, арача, Арачага, көнбөгөн Акыры болор тамаша* («Сейтек»).

**АРАЧАЛА** 1. Урушкан, кармашкан кишилерди ажыратуу, уруштурбай бөлүп жиберүү. *Арачалар адам жок, Аябай эстен тандырат* (Токтогул). 2. Кандайдыр бир кырсыктан, кесепеттен ажыратып, куткарып калуу, аман калышына себеп болуу. *Муслимахунду арачалап калар арга табылбады* (Жантөшев). – *Атаке! Арачалап калсаңыз* (Байтемиров).

**АРАЧАЛАТ арачала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРАЧАЛОО арачала** этишинин кыймыл атоочу.

**АРАЧАЧЫ** Урушкан, кармашкан кишилерди ажыратуу, арасына түшүүчү киши. *Улуу башымды кичик кылып экөөңөрдүн ортоңорго арачачы болуп отурам, жашымды сыйлап бир жолку ачууңарды тыйып, эпке келгиле* (Осмоналиев).

**АРАЧЫ** 1. Эки тараптын ортосуна түшүп элдештирүү, бири-бирине жакындаштыруу, кошуу милдетин аткаруу. *Эки аял таарынышып калса, арачы болуу Сулайканын көптөн берки кесиби* (Жантөшев). 2. Арага түшкөн киши. *Арачыга – алты таяк* (макал).

**АРАШАН** 1. Жылуу, ысык суу чыккан булак, дарылык касиети бар булак. *Арашан суулары кыргыз тоолорунан чыгат.* 2. *өт.* Эзилте кайнатып бышырылган эт. *Арашан кайнатып бер.*

**АРБА I** 1. Сыйкырдоо, дубалоо. *Жылан торгойду арбады.* 2. Бирөөнүн көңүлүн бурдуруу, айтканына көндүрүп азгыруу. *«Арсар күү» Атайды арбап кетти, ал Эрке-*

*сарыдан карыш жылбай имерчиктеп калды* (Каимов).

**АРБА II** Учурашканда айтылуучу сөз; туурасы: арыбаңыз (чарчабаңыз, азбаңыз, тозбоңуз деген мааниде). *Арбаңыз, энеке! – Бар бол, садагаң! – деп Баалкан Жолойдун эки бетинен өпту* (Жантөшев).

**АРБА-ДОРБО** Өөдө-төмөн, өөдүк-сөөдүк; кээде шашып, аптыгып сүйлөө маанилерин да туюнтат. *Арба-дорбо сүйлөшүп* («Манас» С.О.).

**АРБАГАЙ** Арбайган, тарбайган. *Аары, аары, арбагай, Аягы бар тарбагай* (Осмонов).

**АРБАГЫ КӨТӨРҮЛҮҮ** Атак-даңкка ээ болуу, атак-даңкы чыгуу, даражасы көтөрүлүү. *Журттун арбагы көтөрүлсө эле болду. Сыртынан сыр бербей, кебелбей, ичинен балкып, жамыраган көп көзүнчө арбагы көтөрүлүп, терисине батпай баратты* (Касымбеков).

**АРБАГЫН КӨТӨРҮҮ** Мактоо, атагын чыгаруу, көтөрмөлөп коюу. *Токтогул Тоголок Молдонун арбагын көтөрө ыр менен учурашкан соң, Байымбет балкып жеңил алга серпилди* (Бейшеналиев). *Арбагымды көтөрдүңөр, тагаларым* (Бейшеналиев).

**АРБАЙ** Тарбагай, арбагай тарткан көрүнүштө болуу, арыктап, ичкерип калуу. *Карып дөңгөчтүн арбайган бутактарын теше менен чапты* (Абдукаримов).

**АРБАЙТ арбай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРБАЙЫ СУУК** Кебетеси суук, түрү суук. *Ох, өлтүрүп коё жаздадың го, арбайы суук!* (Абдыраманов).

**АРБАЛ арба** этишинин туюк мамилеси. *Бака байкуш жыланга арбалып, жыла албайт* («Ала Тоо»).

**АРБАҢ: арбаң-арбаң** Тарбайган, арбайган көрүнүштү, абалды билдирүүдө колдонулат. *Арбаң-арбаң эткен бирөө бар, ким экенин тааный албай турам* («Ала-Тоо»). *Көлөкөсү арбаң-тарбаң этет* (Сыдыкбеков).

**АРБАҢДА** Арбаң-арбаң этүү, тарбаңдоо. *Алтыбай качты арбаңдап, айласы кетип дардаңдап* («Эр Табылды»).

**АРБАҢДАТ арбаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Арбаңдатып алдагыны эрчитип эмне кыласың, ташта ары, калсын* (Макенбаев).

**АРБАҢДОО арбаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРБАП** 1. Башчы, башкаруучу, кожоюн. Орто Азиядагы дин арбаптары. 2. Мансаптуу. *Агам арбап үй экен, Үйдө болсо үндөсүн* («Эл адабияты»).

**АРБАТ арба I** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРБАШ арба I** этишинин кош мамилеси. *Арбашкансып жер менен сырга бекип* (Эралиев).

**АРБАШТЫР арбаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРБАШУУ арбаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АРБИТР** *саяс.* 1. Калыс. Ишканалар, уюмдар, мекемелердин ортосунда келип чыккан мүлктүк чыр-чытактарды башынан аягына чейин кароочу кызматкер. 2. Спорт оюндарын тейлөөчү калыс баалоочу.

**АРБИТРАЖ** Келишим боюнча дайындалган сот, аралык сот.

**АРБОО арба I** этишинин кыймыл атоочу. 2. Кимдир бирөөнү же кайсы бир жаныбарды өз таасиринин астында калтыруу, башын айлантып салуу, өзүн билбей калган абалга дуушар кылуу.

**АРБУУ арбы** этишинин кыймыл атоочу.

**АРБЫ** Баштагысынан көп болуу, көбөйүү, артуу. *Үйдөгү кишилердин саны аз-аздан арбыды* (Токомбаев). *Убакыт канчалык үнөмдөлсө, ошончолук иштеп чыгаруу арбыйт* (Сасыкбаев). *Чылгый чанач Көкдөөнүн Чындап жини арбыды* («Эр Табылды»).

**АРБЫН** Көп, мол; ашыгы менен. *Акылмандын уга турганы арбын, айта турганы аз* («Жаш ленинчи»). *Арбын дүйнө, түмөн мал, Сарып кылып чачтырды* («Сейтек»).

**АРБЫТ арбы** этишинин аркылуу мамилеси. *Арбыткан жаңы жоргосун, Азыр сен кунан жоргосуң* (Сарногоев).

**АРГА** Айла, амал, ылаажы. *Кембагалдын иштеп оокат таппаска аргасы жок* (Абдукаримов). *Кетпегенде арга канча* (Айтматов). *Бардык арга түгөнгөндө ошондой кылуу керек* (Байтемиров).

**АРГАМЖЫ** Бир нерсени байлоо, аркандоо таңуу үчүн колдонулуучу кичирээк аркан, жоон жип. *Эрмек эшегине отун артып, Аргамжысын бек тартып* (Борбугулов). *Ак чечекке барышып, Аргамжы тандап алышып* (Жеңижок).

**АРГАМЖЫЛА** Казыктын тегерегинде басып оттоо үчүн аргамжы менен байлап коюу. *Кунанды от жерге аргамжылап коюп, уйларды жөө тосмолойт* (Бейшеналиев).

**АРГАМЖЫЛАН аргамжыла** этишинин өздүк мамилеси.

**АРГАМЖЫЛАТ аргамжыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРГАМЖЫЛОО аргамжыла** этишинин кыймыл атоочу.

**АРГАСЫЗ** Аргасы жок, амал жок, айласыз. *Гулайым жашыбай баарын айтып берүүгө аргасыз болду* (Абдукаримов).

**АРГАСЫЗДАН** Айла жоктон, амалсыздан. *Бурулча аргасыздан макул болду* (Баялинов).

**АРГАСЫЗДЫК** Арга түгөнгөндүк, амалсыздык, айласыздык, айласы жоктук.

**АРГЕН** Музыкалык аспап. *Сүйлөгөн сөзүң татыктуу, Бураган арген үнүндөй* (Тоголок Молдо).

**АРГЕНТИНАЛЫКТАР** *ж.с.* аргентина-

лык. Аргентина Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**АРГУМЕНТ** Бир нерсени далилдөө, анығын билүү үчүн келтирилүүчү негиз, далил, факт.

**АРГЫ: жел аргы** *туурасы:* **желаргы.**

**АРГЫЛАНГ** Мамонт сыяктуу жаныбар. *Ушундай коркунучтуу кыямат-кайым болуп, жүрөктү түшүргөнүн көрүп турса да, Кан-кирети менен Аргыланг деген жаныбар Бөрүс кан бабабыздын изги тилекке, үзүлбөгөн үмүткө жасаган чоң кайыгына түшпөй коюптур* (Субанбеков).

**АРГЫМАК** Күлүктүгү, чыдамдуулугу, сымбаттуулугу менен айырмаланган таза кандуу асыл тукум жылкы. *Аргымак аттар кындыйып* («Манас» С.О.). *Аргымактын жакшысы чапса күлүк, сатса пул* (макал). *Арчага аргымакты байлап коюп, Аскада алптар менен бирге басам* (Байзаков).

**АРГЫН** Тукуму, сорту ж.б. ар түрдүү болгон организмдин кошулушу (аргындашуусу) аркылуу пайда болгон жаныбар же өсүмдүк. *Музоолуу аргын уюн, кулундуу жалгыз бээсин Асандын өзү кыдыртып жүрүп оттотот* (Абдукаримов). Бир түрдүү эмес, ар түрдүү улуттан же элден кошулуп пайда болгон.

**АРГЫНДАШ** Жаңы түр алыш үчүн ар түрдүү организмдерди, сорттогуларды бирибирине кошуу.

**АРГЫНДАШТЫР аргындаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРГЫНДАШУУ аргындаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АРГЫТ** *сүйл.* Атты атырылтып катуу чабуу, катуу жүрүү. *Боз жоргосун аргытып, Артынан чаңын баргытып, Абаң Кошой калганы* («Манас»).

**АРГЫЧ** Бийлөө, секирип бийлөө. *Ашула айтып, аргыч атып ойнойт.*

**АРД** Ун. *Таза болсо ар ишиң, Таш чайнасаң ард болот* (Эл ырлары).

**АРДА** *диал.* Кысыр эмди.

**АРДАГЕР** 1. Эл журтка кадырлуу урматтуу, сыйлуу адам. 2. Узак жыл иштеп, белгилүү бир кесипке, ишке машыккан адам. 3. Майданда болгон жоокер, согушка катышкан урматтуу адам.

**АРДАК I** Барк, урмат, кадыр, абийир. *Сага сыймык, Сага ардак Жеңиш туусун алгандар!* (Нуркамал).

**АРДАК II: ардагым** Сүйгөнүм, асылым, ынагым, жан биргем. *Ак пейилден, ардагым, көрүп камың, Арылтамын суу сээп жолдун чаңын* (Байзаков).

**АРДАК ТАКТА** Коомдук жайларда, мекеме, ишканаларда окуу жайларда, мектептерде эмгектин жана билимдин алдыңкыларын даңктап атайы сүрөтү менен илип коюучу такта. *Бир кезде ардак тактасына илинген кичине сүрөтүн таап алып, Адыл окуучулук күндөрүн, айылын, мектебин сагынып ойго чөмүлдү. Гүлнурдун сүрөтүн ардак тактадан чыгарып алып кеткен жигиттин ким экени белгисиз калды.*

**АРДАКТА** Кадырлап сыйлоо, урматтоо, сый, урмат, ардак көрсөтүү. *Билбедим же бир башка тилектеби? Ардактап букет сунуп белек деди* (Абдыраманов). *Бириңди бириң ардактап, Кадырлашар убагың* («Мендирман»). *Бир айыл атын айтып ардактап турушат экен* (Станалиев).

**АРДАКТАЛ** 1. **ардакта** этишинин туюк мамилеси. 2. Өзгөчө сыйга татыктуу болуу, кадырлануу. *Ардакталган аргымакка камчы уруп, Аркасынан кан жыттанган чаң чыгып* (Мамеев).

**АРДАКТАТ ардакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРДАКТОО ардакта** этишинин кыймыл атоочу.

**АРДАКТУУ** Ардакка ээ болгон; урматтуу, кадырлуу. *Ардактуу адамдар. Билгенге ата болуу ардактуу даража* («Кут билим»).

**АРДАКТУУ КАРООЛ** Бирөөгө урмат, сый көрсөтүү иретинде катарга тизилип турган адамдар тобу.

**АРДАН** 1. Намыстануу, уялуу, арына келүү. *Өзү басып келип учурашкандан арданып жаткан го!* («Ала-Тоо»). *Илээндилик эшик түрүп, Ишим калып арданам* (Байзаков). 2. Ызалануу, ыза болуу. *«Таз!» деп тамашалап койсо эле ардана түштү* («Ала-Тоо»).

**АРДАНДЫР ардант** менен бирдей.

**АРДАНТ ардан** этишинин аркылуу мамилеси. *Алгачкы күнкү ишиндеги олдоксондук намыскөй баланы бир четинен ызалантты, ардантты* (Бейшеналиев).

**АРДАНУУ ардан** этишинин кыймыл атоочу.

**АРДАНЧААК** Тез арданып кете турган, ызакор.

**АРДАП** 1. *диал.* Ун катышкан суюк тамак. 2. Мүнөз тамак. Карындыз жана ун кошуп жасалган мүнөз тамак. *Ак кымыран кайнатып, Ардап кылып ичемин* (Молдо Кылыч).

**АРДЕМЕ** Ар кандай буюмдар, ар кайсы нерселер, ар кандай ойлор. *Ардемени көргөзгөн Айнектей эки көз кызык* (Осмонкул). *Айчүрөктүн ак сарай, Ардемеге чак сарай* («Сейтек»). *Ардемелер оюма түшүп, сейилбакта узакка олтурдум.*

**АРДУУ** Намыстуу, ары бар, намысы бар. *Бул өмүр ардуунуку, жандуунуку, Жароокер, колду силкпе, андай достон* (Маликов).

**АРДЫГУУ ардык** этишинин кыймыл атоочу.

**АРДЫК I** Ардангандан ыза болгон, намыстанган абал, таарыныч, өкүнүч. *Акбалтанын Чубагы Ардыгына чыдабай, Ачууланган убагы* («Манас»). *Кайраттанып*

*жолго түш, Калбасын ичте ардыгың* (Тоголок Молдо).

**АРДЫК II** Ардануу, ыза болуу, намыстануу. *«Менин аброюмду чанат» деп ардыккан Адыке, балким, мууздатып салса да эрки* (Сыдыкбеков).

**АРДЫКТЫР ардык** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЕАЛ** 1. *биол.* Айбандардын же өсүмдүктөрдүн белгилүү бир түрү таралган аймак. 2. *лингв.* Фонетикалык, лексикалык тигил же бул кубулуштардын таркаган аймагы.

**АРЕКЕТ** *туурасы:* **аракет.**

**АРЕНА** 1. Цирктин орто жериндеги оюн көрсөтүүчү тегерек аянтча. 2. *өт.* Кандайдыр бир аракет жүргөн майдан, иш майданы.

**АРЕНДА** 1. Имаратты, жерди ж.б. акысын төлөп, убактылуу пайдаланууга алуу, ижара. 2. Ушундай пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы.

**АРЕНДАЛА** Ижарага алуу, арендага алуу.

**АРЕНДАЛОО арендала** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЕНДАТОР** Ижарачы, имаратты, жерди ж.б. арендага алуучу.

**АРЕОПАГ** 1. Байыркы Афинадагы сот жана саясий бийликтин жогорку органы. 2. *өт.* Кандайдыр бир суроо чечүү үчүн чогулган авторитеттүү адамдардын чогулушу.

**АРЖАНДА** Дайыны жок эле күлө берүү, дайыны жок ойду-тоону сүйлөө. *Аржаңдап жалгыз күлөсүң, Айлыңа жакпайт мүнөзүң* (Шүкүрбеков).

**АРЗАВАС** Дүн, аваза. *Койчу, ошо жылы Карабайдын үйүнүн арзавасы жыл маалына созулду* (Мавлянов).

**АРЗАН** 1. Кымбат эмес, сатыла турган наркы төмөн. *Арзандын сорпосу татыбайт* (макал). *Өзү сүйгөн буюмун, Арзан сатты кайран эл* (Шайбеков). 2. Оңой, жеңил, кыйынчылыгы жок. *Кыргоолду атып алуу арзан болгон жок* (Каимов).

**АРЗАНДА** Баасы төмөндөө; арзан болуп калуу. *Ийкемдүү соода жүргүзүү ыкмасына ылайык сезону өткөн кийимдерди бир нече ирет улам пайыздарын төмөндөтүп, арзандаган баада сатуу ыкмасы жолго коюлууда.*

**АРЗАНДАТ арзанда** этишинин аркылуу мамилеси. *Кичине арзандатсаң боло.*

**АРЗАНДАТЫЛ арзанда** этишинин туюк мамилеси. *Бул жерде арзандатылган буюмдар сатылат.*

**АРЗАНДОО арзанда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЗАНДЫК** Арзан баалуулук, оңойлук. *Малдын наркы былтыркыдан быйыл арзандык кылар жөнү бар* («Ала-Тоо»).

**АРЗАНЗЫ** Арзан көрүнүү, арзан сыяктуу сезилүү.

**АРЗАНЧЫЛЫК** Арзан болгондук, наркы кымбат эместик; байкерлик.

**АРЗИК** Ак чопо. *Зымылдата арзик менен шыбалган экен бөлмөлөрдүн ичи* (Мавлянов).

**АРЗУУ арзы** этишинин кыймыл атоочу. *Арзуумду сага калтырдым,... Аман бол, бар бол калкымдын, Көк тиктеп турган кареги* (Өмүрканов).

**АРЗЫ** 1. Татуу, татыктуу болуу, тең келүү. *Эмгек менен элиң үчүн, Арзый алсаң мактоого, Анда көңүл кайгысы жок, Жагалданып шаттанат* (Нуркамал). *Өрнөк болууга ошондойлордун иши арзыйт* («Жаш ленинчи»). 2. Канааттануу, ыраазы болуу, алымсынуу. *Деги сенин кылган ишиңе арзыбадым, балам* («Ала-Тоо»). *Киши арзый тургандай бирдемеси бар бекен?* («Чалкан»). 3. Дегдөө, самоо, эңсөө. *Акын Током кайда деп, Арзычу эле катарым* (Токтогул). *Атыңды угуп Калыя, Арзыдым эле көрмөккө* (Осмонкул). 4. Жакшы көрүп эңсөө, жактыруу. *Арзыганым – кырчын кезим, ак таңым!* (Байзаков). *Арзып келдиң мен жанымдай сүйгөнгө* (Эралиев).

**АРЗЫРЛЫК** 1. Татыктуу болгудай, тең келгидей. *Үркүмбай өз өмүрүндө бирөөдөн эмгегине толук арзырлык акы алып көргөн эмес* (Абдукаримов). 2. Ыраазы болорлук, алымсынарлык. *Адам арзырлык ишке жарасаң боло* («Ала-Тоо»).

**АРЗЫТ арзы** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРИЕТ** Уят, намыс, ар. *Ариеттүү эр жигит, Ар качан болот элге баш* (Барпы).

**АРИЙЛЕР** *ж. с.* арий. Индоевропалык тилдерде сүйлөөчү элдердин ичинен индиялыктар менен ирандыктардын шарттуу аталышы болуп келип, кийинчерээк бул тилдерде сүйлөөчү бардык калктардын жалпы наамын билдирген сөз.

**АРИЙНЕ** Албетте. *Арийне... Арзымат таарынып кетти* (Жантөшев).

**АРИН** 1. Жибек. 2. *өт.* Назик токулган жука, кездеме. *Айжамалдын башында таза жуулган ак арин жоолук* (Мавлянов).

**АРИП** 1. Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган тамга. 2. Сыйкыр, дуба.

**АРИПТИК** 1. Сыйкырлык, дубакөйлүк, көз боочулук. 2. *өт.* Калп сүйлөө, алдамчылык. *Аялдарга катуу убада кылган мастан кемпир канга барып ариптик көрсөтүп жойпулук менен айткан сөзү* («Эл адабияты»).

**АРИСТОКРАТ** Аристократия тобуна кошулуучу адам, ак сөөк.

**АРИСТОКРАТИЗМ** Аристократтарга, ак сөөктөргө таандык кулк-мүнөз, сыпайылык, сылыктык, назиктик.

**АРИСТОКРАТИЯ** 1. *тар.* Аристократия, Байыркы Грециядагы тектүү ак сөөктөр үстөмдүк кылган мамлекеттик бийликтин формасы. 2. Ак сөөктөр чөйрөсү, коомдо кандайдыр бир социалдык топтун артык-

чылык укуктары бар катмары, төбөлү.

**АРИСТОКРАТИЯЛЫК аристократияга** таандык.

**АРИСТОКРАТТЫК аристократка** таандык.

**АРИТМИЯ** Жүрөктүн согуу ыргагынын бузулушу, жүрөктүн ар кандай, бирде тез-тез, бирде жай же айрым кездерде кагышы жоголуп калышы.

**АРИФМЕТИКА** Цифралар менен белгиленген сандар жана алар аркылуу амалдар иштөө жөнүндөгү математиканын бир бөлүмү.

**АРИФМЕТИКАЛЫК арифметика** деген-ге таандык.

**АРИФМОМЕТР** Арифметикалык төрт амал менен эсептөөлөрдү жүргүзүүчү эсеп машинасы.

**АРИЯ** *муз.* 1. Оркестрдин коштоосу менен ырчы аткара турган операнын же вокалдык ири чыгармалардын бир бөлүгү. 2. Ырчы-солист үчүн жазылган концерттик пьеса. 3. Аспаптык жумшак обондуу пьесанын аталышы.

**АРК** *туурасы:* **арка.** Таяныч, коргооч, жөлөк маанисинде. *Коргон урсаң арк болот, Дарбазаң урсаң берк болот* (Эл ырлары).

**АРКА I** 1. Дененин моюндан тартып куймулчакка чейинки омурткалардан турган бөлүгү. *Ат аркасын суутуп Эки-үч күн мында туралы!* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Бет алып турган тарапка карама-каршы жак, арт жак. *Азыр аркада калган кызыл тоо анда көрүнгөн эмес* (Сыдыкбеков). *Ат кепенин аркасы аңырайып көчүп кетиптир* (Касымбеков). 3. *өт.* Таяныч, жөлөк, коргооч, жардам. *Атаң кууп салганда, Арка болгон мен элем* («Эр Табылды»). *Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет* (макал). *Кабылан Манас, жан досум, Качан көрөм аркаңды* («Манас»). *Алымкул арка кылган Кулбаш сыркоолоп, төшөктө жатат* (Абдукаримов).

**АРКА II** *архит.* Эки дубалдын же эки таянычтын башынан жаа, догоо сыяктуу ийилип кошулган жери; дарбаза.

**АРКАДА** *сур.* Таяныч түркүктүү аркалардын катары, колонна же пилондор.

**АРКА-ЖӨЛӨК** Кыйынчылык туш келгенде колдой турган күч; таянар тоо, колдоочу. *Аркаңда арка-жөлөгүң жок, эмне эле адыраңдайсың* (Усубалиев).

**АРКАЙ** 1. Арсак-терсек болуп сороюп чыгып калуу. *Тоого чыккан арчадай Мүйүздөрү аркаят* (Үмөталиев). *Мелтиреген талааны, аркайган тоолорду көзү талыгыча карады* (Токомбаев). 2. Абдан арык болгондуктан сөөктөрү уркуюп, каржайып чыгып турган абал. *Сансыздын көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

**АРКАЙТ аркай** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРКАК** Кездеменин ж.б. эриш жибине туурасынан өткөрүлгөн жиби. *Желбегей кийген бейкасам, Аркагы базар жибеги* (Токтогул). *Эришине жараша аркагы, эшегине жараша тушагы* (макал).

**АРКАЛА** 1. Аркага, жонго салып көтөрүү, аркасына жүктөө. *Аз күндүк азык-түлүктөрүн аркалап, атам жөнөп кетти* («Мугалимдерге жардам»). – *Э, ботом, мына бул бирин көтөрүп, бирин аркалап, балапан ээрчиткен күрптөй болгон неме ким өзү?* (Айтматов). 2. Милдет катары мойнуна алуу, жоопкерчиликти алуу. 3. Ишеним артуу. *Мен бул жерге сизди аркалап келдим* (Үсөн). *Эми мындан аркы убалыңды аркалабайын* (Сыдыкбеков). *Өлкө жүгүн мен аркалап мойнума* (Эралиев).

**АРКАЛАТ аркала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРКАЛОО аркала** этишинин кыймыл атоочу. *Жалгыз балам бар, ошонума ага болуп аркалоого жарасаң эле болду* (Убукеев).

**АРКАЛУУ I** 1. Бел омурткалуу түзүлүштөгү, кыр арка түзүлүшү бар (малга карата). *Аркалуудан – оонабас, жаактуудан – кепшебес* (табышмак). 2. *өт.* Белдүү, кубаттуу, күчтүү. *Аркалуу мерген Кожожаш, Анык келип калыптыр* («Кожожаш»).

**АРКАЛУУ II** *туурасы:* **аркылуу**.

**АРКАЛЫК** 1. *диал.* 1. Түндүк райондордо жашаган эл, адам. *Аркалыктардан келген адам көп болгон. Кыязы, аркалык окшойсуң* (Бейшеналиев). 2. Стулдун, скамейканын арка жактагы жөлөнгүчү. *Абдукерим аке скамейканын аркалыгына чалкалай отурду* (Абдумомунов).

**АРКАН БОЮ** Болжол менен он метрчелик узундук өлчөмү (аркандын узундугундай өлчөм*). Кырк аркан бою чоң зындан.* («Манас» С. К.). *Күн тиги кырдан аркан бою көтөрүлө бергенде булар көпүрөнү бүтүштү* (Жантөшев). *Ай батарына аркан бою калганча, арча түбүнө отура беришти* (Жусупов).

**АРКАН** Кыл аралашкан жүндөн, кендирден ж.б. эшип жасалган узун жип. *Кыл аркан. Кендир аркан. Аркан эшүү.*

**АРКАН ТАРТМАЙ** *же* **АРКАН ТАРТЫШ** Аркандын эки башынан кармап тартышмай элдик оюн.

**АРКАН ТОСУУ** Келин күйөөнүн айылына жеткенге чейин жолдогу айылдарда аркан менен жолун тороо салты. Тоскондорго келин алган тарап түрдүү белектерди (кол жоолук, шакек, акча ж.б.) берип, өзүнө жол бошоттурат.

**АРКАНДА** Алыс кете албай, бирок эркин басып оттоо үчүн малды аркан менен байлап коюу. *Балдар уйларды аңызга аркандап коюшту* (Абдукаримов). *Күрөң бээни огороддун четине алып барып аркандады* (Каимов).

**АРКАНДАЛ аркандa** этишинин туюк мамилеси. *Адылдын үйүнүн төмөн жагында аркандалып турган эки музоо үн алыша мөөрөштү* (Жантөшев).

**АРКАНДАЛУУ** Аркандалып байланган. *Ар жагында күшүлдөп, Аркандалуу үй жатат* (Турусбеков). *Аркандалуу турган атымдын чылбырын бошотуп, тердик салбай ыргып миндим* (Сыдыкбеков).

**АРКАНДАТ арканда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРКАНДАШ арканда** этишинин кош мамилеси.

**АРКАНДОО арканда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРКАНДЫ МАЛ БАССЫН, АЛДЫНДЫ БАЛА БАССЫН** Көбүнчө келиндерге карата «бактылуу бол», «бала-бакыралуу бол», «ырыс-кешиктүү бол» деген мааниде айтылган алкоо. *Кыз журту башка илгертен: эми өз журтуңа барасың, кудай кааласа аркаңды мал басып, алдыңды бала басып, өз алдыңча болосуң, кагылайын* (Касымбеков).

**АРКАҢКЫ** *сүйл.* Арткы, арка жактагы. *Аркаңкы көч кысып келгиче суусун ичирип ал балдарга,– деп кыйкырды Жамгыр* (Касымбеков).

**АРКАР** 1. Чыгырык мүйүздүү, кылчык жүндүү кой тукумуна кирүүчү жапайы тоо айбаны, аң. *Аркары болбой зоо болбойт* (Тоголок Молдо). 2. *Жайылып аркар, кулжасы, Жардашып таштан кетпеген* (Үсөнбаев).

**АРКАР ЭМЧЕК, АКЫЛГӨЙ ТАРАЗ** Бала-бакыралуу болуп турса да, келин кездеги келишимдүү келбетинен, керилген сымбатынан кетпеген, асылдыгынан тайбаган, атына заты төп келген, тараза боюна кийген кийими жарашкан, адеби, мамилеси жүрөктү жылыткан, эстүүлүгү, тунуктугу бөтөнчө ургаачыны илгери ушинтип кайберендин ыйыгы аркарга теңешип, ушундай аташкан. *Улуу кол башчы...черин таратып келгенден кийин эле,... аркар эмчек, акылгөй тараз канышасы, бектери, бийлери, жөнбилги кеңешчилери менен, кайтарып берди* (Субанбеков).

**АРКАСЫ АЧЫЛБАГАН** *к.* **жону ачылбаган.**

**АРКАСЫ СУУ** Түйшүгү жеңилдөө. *Кан ичер Төрөгелди өлүп, далай кедейдин аркасы сууган* («Ала-Too»).

**АРКАСЫ ТИЙҮҮ** Жардамы тийүү, көмөгү, пайдасы тийүү. *Ага Карелдин бир тууганадан артык аркасы тийди* (Ашымбаев). *Таякесинин «сенин аркаң элге тийгиси бардыр» деген кеби Ашырбекти түркүн ойго салды* (Ашымбаев). *Башында экөөбүзгө аркасы тийген ынак байбичеси Айымкандын да колунан эч нерсе келбеди* (Бейшеналиев).

**АРКАСЫН САЛУУ** Жактырбаган, көргүсү келбеген мүнөздө кош көңүл мамиле жасоо, кыртышы сүйбөө. *Анан кала берсе, балыктан чарчап кайткан күйөөсүн күтүп албай аркасын сала турган болду* (Укаев). **В.: Сыртын салуу.** *Биздин, ошондой эле сиздин кеңсе башчыңыз сыртын салып, басып кетиптир* («Чалкан»).

**АРКАЮУ аркай** этишинин кыймыл атоочу.

**АРКЕН** Өзөк, негиз. *Жана да бир түрлүүсү ол илимдин Аркенин жакшы билгин өз диниңдин* (Эмилов).

**АРКТИКА** Жер шарынын түндүк полярдык бөлүгү.

**АРКЫ** Алысыраак турган, ары жагындагы. *Түн мезгилде көлдүн аркы четинен, Көп угулат кыз-жигиттин ырлары* (Осмонов). *Кыраңдын аркы бетинен табарбыз* (Сыдыкбеков).

**АРКЫ-БЕРКИНИ: Аркы-беркини түшүнүү.** Ар нерсе билген, көптү көргөн, тажрыйбасы бар. *Эгерде биз чыныгы өндүрүшкө кызыккан, аркы-беркини түшүнгөн кишини издесек, анда мен жолдош Эралиевди ошондой киши деймин* («Ленинчил жаш»). **В.: Аркы-беркини билген.** *Аркы-беркини билген адам.*

**АРКЫ-ТЕРКИ** Өйдө-ылдый, бир багытта эмес, бир беткей эмес. *Аркы-терки өткөн эл. Аркы-терки бастыруу.*

**АРКЫЛУУ** 1. Жардамы менен, аркасында. *Жапар Жамийла аркылуу Айша менен таанышкан* (Баялинов). 2. Менен. ...жерди басып өтүп. *Баткенге жол Айдаркен аркылуу барат.*

**АРКЫРА** 1. Арылдаган, күркүрөгөн үн, добуш чыгаруу. *Жолборстун күчү бардыгына жетет, Ал аркыраса, айбандарды зиркиретет* (Шүкүрбеков). 2. Катуу агып же согуп туруу, катуу жүрүштө болуу. *Аркырап чөл шамалы жүрдү кайра* (Үмөталиев). *Автобус менен аркырап Алайга кетип баратсаң* (Осмонов). 3. Ажылдоо, ар этип беттен алуу. *Бирдеме десе аркырап беттен алчу* (Байтемиров).

**АРКЫРАТ аркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРКЫРОО аркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АРКЫТ** Суюктук куюлуучу териден жасалган идиш-сабаа, чанач, көнөк, көөкөр ж.б. *Аркыт менен бир арык* («Манас» С.О.). *Алтын ооз аркыттан Ууну куйду султанга* («Манас»). *Алтын аркыт кумара, Арак куйган идиши* («Эл адабияты»).

**АРМАЙЫН** Ыр айтуунун бир ыкмасы. *Баян кылып көрөйүн, Армайындан сөз айтып* (Молдо Кылыч).

**АРМАН** 1. Орундалбаган тилек, эңсеген мүдөө, ой-санаа. *Арманга ичи жык толуп, Арстаның бармакты жара чайнады* («Манас»). *Айта турган арман көп*

(Жантөшев). 2. Адамдардын тагдыры, кайгы-капасы, орундалбай калган ой-санаасы, өкүнүчү ж.б. жөнүндө ыр түрүндө баяндалган фольклордук адабий жанр. *Тоголок Молдо арман жанрында «Чалга берген кыздын арманы», «Насыяга кеткен кыздын арманы», «Кыз Кенжекенин арманы» сыяктуу бир топ чыгармаларды жараткан.*

**АРМАНДА БОЛУУ** *же* **АРМАНДА КАЛУУ** Тилеги орундалбай, мүдөөсүнө жетпей калуу: *Токтобай жоболоңдуу жорукту баштаганына арманда болсо да, иш марадан өткөн соң, аргасы канча* (Каимов).

**АРМАНДУУ** Тилеги орундалбаган, арманы бар, арманы көп, капалуу, кайгылуу. *Армандуу өмүр. Ушу байкуш армандуу жашын алдыма тартып, менден эмне жардам болот деп ойлойт экен?* (Элебаев).

**АРМАНСЫЗ** Арманы жок, кайгысыз, капасыз. *Аралап өмүр гүлзарын, Армансыз таттуу күн өтсө* (Абдыраманов).

**АРМАТУРА** *тех.* 1. Кандайдыр бир аппараттын, машинанын электр жабдуусунун же башка приборлорунун жана аларга тийиштүү нерселердин жыйындысы. 2. Темир бетондун же башка ар кандай курулуштардын, бетондон жасалган нерселердин бекемдигин арттыруу максатында арасына коюла турган темир каркас же ар кандай темир бөлүктөрү.

**АРМАТУРАЛЫК** **арматура** дегенге таандык. *Арматуралык иштер. Арматуралык материал.*

**АРМИЯ** 1. Мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн жалпы жыйындысы. *Армияда кызмат кылуучу.* 2. Кургак жердеги куралдуу күчтөр. 3. Согуштук операцияларды жүргүзүү үчүн ылайыкталып түзүлгөн бир же бир нече түрдөгү аскердик корпустардын же дивизиялардын бирикмеси. *Десанттык армия. Танкалык армия.* 4. *өт.* Иштеген иши, кесиби ж.б. боюнча бири-бирине байланышы бар кишилер тобу. *Республикада советтик интеллигенциянын чоң армиясы өсүп чыкты* («Ала-Тоо»).

**АРМИЯЛЫК** **армия** дегенге таандык. *Армиялык газета. Армиялык кызмат.*

**АРМЯНДАР** *ж. с.* армян, армянка. Армян Республикасынын калкынын негизги бөлүгүн түзгөн эл.

**АРНА** Бирөөгө энчилөө, таандык кылуу, бир нерсеге багыштоо, жумшоо. *Бардык күчүн элине арнаган* (Нуркамал). *Жаңы жердин жеминен атайын Сизге арнап, белек кылып беребиз* (Осмонкул).

**АРНАЛ** **арна** этишинин туюк мамилеси.

**АРНОО** 1. **арна** этишинин кыймыл атоочу. 2. Белгилүү бир окуянын, же болбосо адамдын наамын белгилеп, чыгарманын башына берилген жазуу. *Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» деген повестинде төмөнкүдөй арноо бар: «Ата, мен сага эстелик тургуза албаймын. Сенин кай жерде көмүлгөнүңдү да билбейм. Мына ушул эмгегимди атам Төрөкул Айтматовго арнаймын. Апа, сен бизди өстүрүп адам кылдың. Сенин узак өмүр сүрүүңдү тилеп, апам Нагийма Айтматова, сага арнаймын».*

**АРПА** 1. Кылкандуу дан өсүмдүгүнүн бир түрү. *Айдаганы дыйкандын, Арпа менен ак буудай* (Тоголок Молдо). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Аттары асман тиктеген, Арпасын жара тиштеген* (Тоголок Молдо).

**АРПАКАН** Арпа сыяктанып өскөн тоют чөп. *Этегирээк жакта арпакан чыгат* (Сыдыкбеков). *Башы түшпөгөн арпакан* (Жантөшев).

**АРПАЛ** **арпалыш** менен бирдей.

**АРПАЛЫШ** 1. Кандайдыр бир ишти иштеп убаралануу, алек болуу. *Бүгүн кечке бала менен арпалыштым.* 2. Коюн-колтук алышып кучакташуу, кармашуу, күрөшүү. *Душман болсо эгерде, Арпалышып көрөйүн* («Ала-Тоо»).

**АРПАЛЫШТЫР** **арпалыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРПАЛЫШУУ** **арпалыш** этишинин кыймыл атоочу.

**АРПАҢДЫ КАМ ОРДУКПУ** Сага бир жамандык кылдыкпы? Бир нерсеңден жаздыкпы? Чекилик кетирдикпи? *Мынча неге коркутасың, арпаңды кам ордукпу?* («Чалкан»). **В.: Арпаңды чийки ордукпу?** *Эмне коркутасың, арпаңды чийки ордукпу?* («Чалкан»). **Аштыгың кам ордукпу?** *Ороңдойсуң эмне эле, мен аштыгыңды кам оргонсуп* («Советтик Кыргызстан»). **Аштыгың чийки ордукпу?** *Эмне үчүн тигилдиң аштыгың чийки ордумбу?* (Бөкөнбаев). **Эгиниң кам ордукпу?** *Эңкейгенде зор Бакай, Эгиниң кам ордукпу?* («Сейтек»). **Эгиниң чийки ордукпу?** *Кастарыңды тиккендей, Эгиниң чийки ордукпу?* (фольк.).

**АРПАСЫН КАМ ОРГОНСУУ** Бирөө күнөө кылгансып бир жеринен жазып, жамандык же бир чекилик келтиргенсип туталануу, түнөрүү. *Арпасын кам оргонсуп, араң дегенде ачуусун токтоткон Мыякан зорго кеп козгоду* («Ала-Тоо»). **В.: Аштыгын кам оргонсуу.** *Күндөн күнгө анын да аштыгын кам оргонсуп, кабагы салына берди* (Касымбеков).

**АРС I** Куйрук-башы узун кемирүүчү жаныбар; арс чычкан. *к.* **чычкан.**

**АРС II: арс этүү** Көпкө чейин арсылдай бербей бир гана жолу асылып үрүп коюу. *Ит арс этkенде, үйдөн Надя чуркап чыгып: «чык» сен ким? – деди* (Жантөшев). *Сары тайган Аламойнокту көздөй арс этип качырып, баса калайын деген эле* (Сасыкбаев).

**АРС ЧЫЧКАН ЖЕ АРЫС ЧЫЧКАН** Жү-

нү ак, куйругунун учу кара, териси баалуу анча чоң эмес жырткыч жандык. *Козунун чоңдугу арс чычкандай эле* (Баялинов).

**АРСАГАЙ** Текши эмес, бир кылка болбой, арсайып чыгып турган. *Арсагай тиштери агарып турду.*

**АРСАЙ** Арсагай тартып көрүнүү, бир нерсенин учтары сороюп чыгып турган абалы. *Бөдөнө түштү түлкүнүн, Арсайган азуу оозуна* (Тоголок Молдо). *Алыстан тоонун аскалары арсаят* (Жантөшев).

**АРСАЙТ арсай** этишинин аркылуу мамилеси. *Ар кимге асылат, Арсайтып тиштерин* (Байзаков).

**АРСАК** Туш-тушка арсайып чыгып турган, арсайган. *Арсак тиш. Арсак зоо. Арсак тоолор көкту көздөй чалкалап, сан жеткис жылдыздар жымыңдайт* (Сасыкбаев).

**АРСАК-ТЕРСЕК** Катар жайгашкан нерселердин бири өйдө, бири ылдый болуп, түрдүү абалда турган көрүнүшү. *Тиши арсак-терсек. Мунарат арсак-терсек ак чач тоолор, Каткандай замандардын кат-кат кегин* (Абдыраманов).

**АРСАКТА** Оозду чоң ачып, тиштерди ырсайтып күлүү. Тиштерди көрсөтүп кайра-кайра ырсактап күлө берген абал. *Арсактап күлгөндө азуулары да көрүнө түштү* (Макенбаев).

**АРСАКТАТ арсакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРСАКТОО арсакта** этишинин кыймыл атоочу.

**АРСАЛАКТА** Улам арсактай берген, жөнү жок эле арсаңдай берген абал.

**АРСАЛАНДА арсалакта** менен бирдей.

**АРСАНДА арсакта** менен бирдей. *Сапек арсаңдап күлдү* (Токомбаев).

**АРСАНДАТ арсаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРСАНДОО арсаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРСАР** Так чечилбеген, күмөндүгү бар, ачык эмес; болот же болбойт. *Иштин бүтөрү арсар болуп жатат* (Абдукаримов). *Ал тойдон бүгүн эмес, эртең келери да арсар* (Жантөшев).

**АРСАРЛЫК** Так эместик, арсар экендик, күмөндүүлүк.

**АРСАРСУУ арсарсы** этишинин кыймыл атоочу.

**АРСАРСЫ** Анығына, тактыгына көзү жетпей күмөн саноо, ишене албоо, олку-солку абалда болуу. *Станиславский театрдын тарбиялык маселелерин чечүүдө эч убакта арсарсыган эмес* («Ала-Тоо»). *Өз жообуна өзүнүн ишеними жетпей Динар арсарсып токтолду* (Сыдыкбеков). *Аты кандай шартта коюлганын айтсамбы же айтпасамбы деп бала арсарсый түштү* (Акматов).

**АРСАРСЫТ арсарсы** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРСАЮУ арсай** этишинин кыймыл атоочу.

**АРСЕНАЛ** 1. Согуштук куралдар, жабдуулар сакталган склад. *Бул Ташкенттин ок-дары сакталуучу арсеналы* (Абдукаримов). 2. *өт.* Абдан көп кенч. *Акындардын чыгармаларындагы поэтикалык арсеналдардын бардыгы эл чыгармасындагы даяр материалдан алынган* («Ала-Тоо»).

**АРСТАН** 1. Тыкыр сары жүндүү, эркектеринин тармалданган чоң жалы бар, мышык түркүмүнө кирүүчү ири жырткыч айбан. *Кара кулак арстан бар, Чыргайлуу токой бадалда* (макал). 2. *өт.* Эр жүрөк, баатыр, каарман. *Арстан Манас мингени, Айбанбоз сындуу аты бар* («Манас»). *Башкага жаман көрүнсө, Өзүмө жакшы арстаным* (Тоголок Молдо). 3. Зодиак топ жылдызы. Жылдыз картасынан Арстан топ жылдызы.

**АРСЫЗ** Намыссыз, намысы жок, ары жок. *Арсыз адам болгончо Көрсөм болду өлүмдү* («Семетей»). *Жок эмес арсыз адам, алсыз адам* (Осмонов).

**АРСЫЗДЫК** Намысы жоктук, ары жоктук. *Атам аргын какшаалдын Арсыздыгын карачы* («Сейтек»).

**АРСЫЙ арсай** менен бирдей.

**АРСЫЛДА** Үндү катуу чыгарып, арс-арс этип үрүү, арс-арс этүү. *Алыстан айылдын иттеринин арсылдап үргөн үндөрү угулат* («Кырчын»). *Бир маалда короодогу иттер арсылдап үрүп калды* («Чалкан»).

**АРСЫЛДАТ арсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРСЫЛДОО арсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРТ I** 1. Арка жак, бет алды жактын карама-каршы жагы, арка. *Тамдын арты. Айылдын арт жагы. Кундуздай кара чачы эки өрүлүп артында* (Сыдыкбеков). *Эшик катуу карс этип барып, артындагы тамга урунду* (Сыдыкбеков). 2. Башкалардын, алдыдагылардын соңу, аркасы. *Машинага эң арты болуп түшкөн үч адамга убал болду* (Сыдыкбеков). 3. Кийин жагы, болочогу, натыйжасы. *Толтой менен Чынкожо өзүнүн артын ойлосун* («Семетей»). *Эсиңде болсун замандаш, Ичкилик арты өкүнүч* (Шүкүрбеков).

**АРТ II** *эск.* Ашуу. *Эринчээкке эшик – арт* (макал). Байыркы бул сөз Көгарт, Кызарт, Торугарт өңдүү топонимдерде сакталган.

**АРТ III** 1. Белгилүү өлчөмдөгүдөн, чектен ашып кет, артып кал, батпай кал. *Эгин былтыркыга караганда 35 проңент артты* («Эркин Тоо»). *Тоют дайыма малдан артып калган өлчөмдө даярдалууга тийиш* («Айыл чарбасы»). 2. Мурдагылардан көбөйүү, арбын болуу, мыкты болуу. *Отличниктердин саны, барган сайын артып бара*

*жатат* («Мугалимдер газетасы»). *Менин зергерлик өнөрүм арта берди* (Абдукаримов).

**АРТ IV** Калуу, башка бирөөлөрдөн экинчисине өтүү. *Өлгөндөн катын артат, көчкөндөн отун артат* (макал). *Ичи тардан итине бок артпайт* (макал).

**АРТ V** 1. Унаанын эки жагына тендеп жүктөө, тең кылып тануу. *Чоко жүгүн артып жөнөп калды* (Жантөшев). *Азыр да болсо кеч эмес, төөгө артып жөнөт* (Байтемиров). 2. Милдеттендир, тапшыр. *Замандын арткан милдетин, Эр жигит башка көтөрмөк* (Элебаев). 3. Ашыра койгон, артылып түшкөн абалда бол. *Бегимжандын мойнуна, Колун артып жиберди* («Семетей»). *Белиндеги таягына эки колун арта салып басып келе жаткан Карып* (Жантөшев). *Арта салып бир ташка Бараңды турду белендеп* («Манас»).

**АРТ VI** Аарчуу, сүрүп тазалоо, арылтуу. *Үсөн бет аарчы менен баланын мурдун артты* (Касымбеков). *Жаш келин шамдагай кыймылдап, козунун ичегисин нарыдан-бери артып, жөргөм жасап, казанга суу куюп, от жагып жиберди* («Адабий Ала-Тоо»).

**АРТЕЗИАН: артезиан кудугу** Жер астындагы суу катмарынан бургулоо аркылуу табигый басым менен атылып чыгуучу суу.

**АРТЕЛДЕШ I** Бир артелдин мүчөлөрү, артелде бирге иштегендер.

**АРТЕЛДЕШ II** Артелге биригүү, артелге кирүү. *Артелдешкен Тынайды, Нурбай көрүп алган дейт* (Токомбаев).

**АРТЕЛДЕШТИР артелдеш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРТЕЛДЕШҮҮ артелдеш II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРТЕЛЬ** Бул же тигил кесиптеги адамдардын жалпы жоопкерчилик астында өз ыктыярлары менен биригишкен, түшкөн кирешеден өз үлүшүн алууга укугу бар атайын түзүлгөн уюм. *Балык кармоочулардын артели. Инвалиддер артели. Мурда бул кичинекей гана тигүү артели эле, өсүп отуруп, фабрикага айланды* («Кыргызстан аялдары»).

**АРТЕРИАЛДЫК СИСТЕМА** *биол.* Жүрөктөн сыртка карай кан жүгүртүүчү тамырлар системасы.

**АРТЕРИОСКЛЕРОЗ** *мед.* Артерия кан тамырларынын кан жүрүүчү жолу таруудан, ичкерүүдөн улам пайда болгон илдет.

**АРТЕРИЯ** *мед.* 1. Канды жүрөктөн денеңин ар кандай мүчөлөрүнө алып баруучу тамырлар. *Уйку артериясы. Өпкө артериясы.* 2. *өт.* Катташуу жолдору (айрыкча суу жолдору). *Волга эң башкы суу артерияларынын бири болуп эсептелет.*

**АРТИКЛЬ** *лингв.* Кээ бир тилдерде зат атоочтордон мурун айтылып, анын грамматикалык роддорун, аныктыгын же анык эместигин көрсөтүүчү бөлүкчө.

**АРТИКУЛЯЦИЯ** *лингв.* Сүйлөө органдарынын белгилүү бир тыбышты айтуудагы кызматы; сүйлөө органдары бул же тигил тыбышты айткан учурдагы абал.

**АРТИЛЛЕРИСТ** Артиллерияда кызмат кылган жоокер, кызматчы. *Артиллеристтердин жөнү башка, биздики чабуул коймой, беттешмей* (Абдукаимов).

**АРТИЛЛЕРИЯ** 1. Ар түрдүү конструкциядагы жана ар кандай калибрдүү ок атуучу куралдардын жалпы наамы. *Зениттик артиллерия. Оор артиллерия. Жеңил артиллерия.* 2. Ушундай куралдар менен жабдылган аскер бөлүгү. *Бул жер түгүл Европага жүрүш кылууга жарай турган мыкты артиллериясы бар* (Касымбеков).

**АРТИЛЛЕРИЯЛЫК артиллерия** дегенге таандык. *Артиллериялык полк. Артиллериялык снаряддар.*

**АРТИСТ** *иск.* 1. Искусство чыгармаларын эл алдына чыгып аткаруучу (актёр, ырчы, музыкант ж.б.). *Сахна тараптагы артисттер өздөрү да көшөгөнүн далдаасынан тыңшап калышты* (Каимов). *Эл артисти. Эмгек сиңирген артист. Опералык артист. Эстрадалык артист.* 2. *өт.* Кандайдыр бир иштин устасы, бирдемени талантуу аткарган адам (оң мааниде). *Жеткен артист турбайсыңбы, бул жагын сен гана бүтүрүшүң мүмкүн* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Кубулмалуу, айткан сөзүндө турбаган, күлкүлүү, аңкоо. – *Мен мунун мындай артист экендигин башынан билгенде мамиле түзбөйт элем да...* («Агым»).

**АРТИСТТИК артист** дегенге таандык.

**АРТКА** Арт жакка, артты көздөй. *Артка карай жүрүү. Артка тартуу.*

**АРТКЫ** Арт жактагы, соңундагы, алдыңкынын карама-каршысы. *Алдыңкынын адашканын арткы билет* (макал). *Мышык жеңил секирип, эки арткы аягы менен тура калды* (Сыдыкбеков).

**АРТРОЗ** *а.ч.* Сөөктөрдүн структуралык курамынын бузулуусунан жана өзгөрүүсүнөн пайда болуучу муун оорусу.

**АРТТЫР I арт III** этишинин аркылуу мамилеси. *Эгиндин түшүмүн эки эсеге чейин арттыра турган жер семирткичтер себилди* («Ала-Тоо»). *Өзү тойбос кайнага кимге кешик арттырсын* (макал).

**АРТТЫР II арт IV** этишинин аркылуу мамилеси. *Мунун мал-мүлкүн, үй-жайын өзүңө арттырайын деген экенсиң да* («Чалкан»).

**АРТТЫР III арт V** этишинин аркылуу мамилеси. *Үстүнө жүк арттырбас азоо өгүз.*

**АРТТЫР IV арт VI** этишинин аркылуу мамилеси. *Ичеги арттырып койгон экенсиң.*

**АРТТЫР VI** *өт.* Бийиктетүү, жогорулатуу (кишинин зоболосун, беделин, демин). *Алысты ойлогону анын аброюн арттырды*

(Станалиев).

**АРТУУ** 1. Тоонун ашуусу, катары менен келген бир нече ашуулуу тоо. *Артуу-артуу, артуу бел, Артылып согот шамал, жел* (Эл ырлары). 2. Аң-дөңдүү жер. *Будурмак артуу жер экен.* («Манас» С. К.).

**АРТУУ I арт II** этишинин кыймыл атоочу. *Түшүмдүүлүгү артуу.*

**АРТУУ II арт III** этишинин кыймыл атоочу. *Кешик артуу.*

**АРТУУ III арт IV** этишинин кыймыл атоочу. *Үстүнө жүк артуу.*

**АРТУУ IV арт V** этишинин кыймыл атоочу. *Ичеги артуу.*

**АРТЫ КАЙЫРЛУУ БОЛСУН** Көбүнчө каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө, туугандарына мындан кийин жамандык болбосун, түпкүлүгү түз болсун деген мааниде көңүл айтуу, кайрат айтуу, көңүлүн жубатуу иретинде колдонулат. – *Кантем. Арты кайырлуу болсун, мындан өзгө көңүл төтөгү барбы? – деди* (Касымбеков).

**АРТЫК** 1. Тиешелүү өлчөмдөн көп, ашып түшкөн (саны, көлөмү жагынан). *Жылдан-жылга түшүмүн, Үч эсе артык беришкен* (Осмонкул). *Арбын болсун, артык болсун, Мамлекеттик планың* (Нуркамал). 2. Баасы жогору, мыкты, артыкчылыгы бар. *Менден сенин кайсы артык болуп турган жериң бар* («Ала-Too»). *Валентина Яковлевнаны өз энемден артык көрүп калдым* («Жаш ленинчи»). 3. Жакшы, керек деген маанилерде. *Сага мал артыкпы, жан артыкпы* (Турсунов).

**АРТЫК БАШ** 1. Тийиштүү өлчөмдөн ашык, артыкча, ашыкча. *Артык баш жыйыны жок, аттан дегенде түп көтөрө аттана бере турган кылып тартипти мукумдаш зарыл* (Касымбеков). *Бири-бирин сырдуу карашат, артык баш сөз сүйлөшпөйт* (Мырзаев). *Артык баш толуп жаткан буюм жасап, Миңдеген мээлей, байпак алдык токуп* (Үмөталиев). 2. Керекке жарабаган, пайдасы тийбеген (киши жөнүндө). *Атам мени дайыма «артыкбаш», «керексиз» деп тилдечү эмес беле* (Акматов).

**АРТЫКТЫК** 1. Тиешелүү өлчөмдөн көп болгондук, артык баштык, көптүк. *Сенин ал жерде болушуң чын эле артыктык кылат* («Ала-Too»). 2. Сапаты жогору болгондук, мыктылык, артыкчылык.

**АРТЫКЧА** 1. Эң эле мыкты, өзгөчө, бөтөнчө. *Айланып учар канат тап, Төштүк, Артыкча болор санат тап, Төштүк* («Эр Төштүк»). 2. Айрыкча, асыресе. *Бүгүн артыкча кенже класста окуган балдарга майрам* (Сыдыкбеков). *Артыкча кыш күндөрү бул өзөндүн ыркыраган шамалы күчөйт* («Ала-Too»).

**АРТЫКЧЫЛЫК** 1. Сан, көлөмү жагынан көптүк, молдук, ашыкчылык. *Сан жагынан артыкчылыгы бар.* 2. Өзгөчөлүк, мыкты сапаттуулук, баалуулук. *Чарба иштерибиздин артыкчылыгын өзгөчө белгилеп өтүштү* («Ала-Too»). 3. Иште, кызматта, окууда абдан мыкты экендикти көрсөткөн сапат. Мекеменин, уюмдун, фирманын башкалардан жогору тургандыгын туюндурган касиет. *Мектеп-интернаттын артыкчылыгы мына ушундан да көрүндү* (Мавлянов).

**АРТЫЛ арт II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРТЫЛУУ** 1. Бир нерсенин үстүнө коюлуу; колду ашыра таштап жөлөнүү. 2. Өлчөмүнөн ашып кеткен. *Артылууда махабатым күнүгө, Асыл максат учкун чачат дилиме* (Байзаков).

**АРТЫН арт II** этишинин өздүк мамилеси.

**АРТЫН БЕРСИН** Кандайдыр бир жамандык иш, өлүм болгон учурда мындан кийин жакшылык болсун, жамандык болбосун деп тилек кылып, кайрат айтуу, көңүл айтуу маанисинде колдонулат. *Артын берсин! Көп капа болбогула* («Чалкан»).

**АРТЫНА КАЛБЫР БАЙЛОО** Бирөөнүн үстүнөн жалган ушак таратуу, жаманатты кылуу. *Ак ниет кызматчылардын артына калбыр байлашка уста* (Сыдыкбеков). *Аялдар күбүң-шыбың болуп, Мариянын артына калбыр байлап жүргөн учур – август айы эле* (Ашымбаев). **В.: Куйругуна калбыр байлоо.** *Мустапанын куйругуна калбыр байлаган – Эрназаров* («Чалкан»).

**АРТЫНАН САЯ ТҮШҮҮ** 1. Бирөөгө жамандык кылуу, анын ишин оңунан чыгарбоо, тилегин катырып өч алуу максатында катуу аңдып калуу, кастарын тигүү. *Бирөө калыс сөздү айтып, туура сүйлөп койдубу, ал аны каяша деп түшүнүп, бечараны он жыл бою кектеп, артынан сая түшүп алар эле* («Советтик Кыргызстан»). *Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү* (Өмүрбаев). *Биздин бул жерде экенибизди билген отрядчылар бүгүн болсо бүгүн, эртең болсо эртең артыбыздан сая түшөт* («Ала-Too»). 2. Бир нерсеге өтө кунт коюп катуу киришүү, көздөгөн ишинин акырына чыгууга чымырканып аракеттенүү. *Көр дүйнөнүн артынан сая түшүп көнгөн жаман* (Бердикеев). *Анткен менен Улукбек акенин жээни илимдин артынан сая түшкөн неме* (Жигитов). **В.: Артынан түшүү.** *Эсир артынан түшкөндөргө мамиле менен жагып, кутулуп жүрдү* (Осмоналиев). *Билимдин жок зарпынан, Окуунун түшүп артынан* (Турусбеков). **Артынан сүрө түшүү.** *Ушул кезде артынан сүрө түшкөн аскерлер да жакын калган* (Элебаев).

**АРТЫНАН ТОПУРАК ЧАЧУУ** Экинчи кайрылбасын, экинчи көрбөйлү, экинчи жүздөшпөйлү деген ырым. *Шамбеттердин артынан топурак чачкан* (Сыдыкбеков). **В.:**

**Артынан суу чачуу.** – *Жанагы шумшуктөрдүн артынан суу чачып койчу,* – *деди* (Өгөбаев). **Топурак чачуу.** *Сага кошуп Алымдын топурагын дарбаза алдына чача чыкканмын* (Жантөшев).

**АРТЫНЧАК** Артылган жүк, унаага таңып коюлган буюм-тайым. *Артынчактары бар үч атчан киши үйдүн түбүнөн өтүп бара жатты* («Ала-Тоо»).

**АРТЫШ арт IV** этишинин кош мамилеси.

**АРУЗ** *адаб.* Түрк тилдеринде сүйлөгөн калктардын классикалык поэзиясында, о.э. араб-фарсы адабиятында тараган ыр түзүлүшү.

**АРУУ I** 1. Таза. *Ак кепиндеп, аруу жууп, Көмөр киши болсочу* («Курманбек»). *Аман келсе Табылды, Аруу кийим киет деп* («Эр Табылды»). 2. Кымбат, баалуу, ыйык; кээде чыныгы деген мааниде. *Жытындай жыт жок энемдин, Аруу нур чачкан тагдырга* (Өмүрканов). 3. Сүйкүмдүү, келишимдүү, сулуу, жагымдуу. *Айчүрөк аруу сеники, Чачыкей сулуу меники* («Семетей»). *Адам көрбөс аруу бул, Алтындуу дилде эң сонун* («Манас» С.О.). *Аруу жесир болгула, Ары жок атка конгуча* («Эл адабияты»).

**АРУУ II** 1. Талма оору, эс-учун жоготуп, талып жатып калуучу оору. *Аруусу кармап калыптыр. Анын өңү аруу кармагандай кер-сары тартып кеткен* («Ала-Тоо»). *А балким аруусу кармап, жүрөгү токтоп калгандыр!* (Акматов). 2. *диал.* Көздүн ак чели. *Көзүн аруу басты.*

**АРУУ III ары II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРУУГЕН** Музыкалык аспап. *Абылайдын Арууген, Ал да кирди кошулуп* (Дүйшеев).

**АРУУЛА I** Тазалап аруу кылуу, жууп тазалоо. *Аруулап таза жуудуруп, Ак кепиндеп көмүңүз* («Саринжи-Бөкөй»). *Аруулайт эмгектенген ар бир жанды* (Байзаков).

**АРУУЛА II** Аруусу кармоо. *Аруулап башың ооруса, «Алдыңа кетем мен!» деген* (Бөкөнбаев).

**АРУУЛАН аруулат** этишинин өздүк мамилеси. *Аруууланып айланбаска айланып, кайра бизге аралашып калганы* (Өмүрканов).

**АРУУЛАНТ аруула I** этишинин аркылуу мамилеси. *Ана, угулду бала үнү – аалам гүлгүн! Арууланттты жер жүзүн нуру күндүн* (Байзаков). *Мелмилдейт сырын катып тереңине, Ай көктөн аруулантат анын бетин* (Тургунбаев).

**АРУУЛАТ аруулант** менен бирдей.

**АРУУЛОО аруула I** этишинин кыймыл атоочу.

**АРУУЛОО аруула II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРУУРКА** Аруу кармай турган болуп кунушта; аруусу келген абал.

**АРФА** *муз.* Үч бурчтук алкак түрүндө жасалып, кыл тартылган музыкалык инструмент. *Сен сурасаң кереметтүү түнөгүң, Эстеп көргүн уксаң арфа күүлөрүн.*

**АРХАИЗМ** 1. Эскирген көрүнүш, эскинин калдыгы. 2. *лингв.* Эскирген жана колдонуудан чыгып калган сөз же сөз тизмеги.

**АРХАИКА** Эскилиги бар, байыркылык; байыркыга таандык белгилер, көрүнүштөр.

**АРХАИКАЛЫК** Байыркы, эскирген.

**АРХАР** *диал.* Өсүмдүктүн аты. *Архар, мырза терек өсөт.*

**АРХАТ** Тибетте ламалыктын өтө билимдүү бийик даражасы. *Көзү ачылган ар бир лама архат даражасына татыктуу боло алат* (Акматов). *Ошентип отуруп ал акырында улуу архат даражасына өсүп жетет...* (Акматов).

**АРХЕОЛОГ** Археология жагына адистешкен окумуштуу.

**АРХЕОЛОГИЯ** Сакталып калган эски буюмдар, заттар, курулуштун белгилери ж.б. боюнча байыркы элдердин турмушун, маданиятын изилдөөчү илим.

**АРХЕОЛОГИЯЛЫК археология** дегенге таандык. *Археологиялык экспедиция. Археологиялык маалыматтар.*

**АРХИВ** 1. Өткөн замандын жазма жана графикалык эстеликтерин сактап, системага салып жана тизмелеп туруучу мекеме. Мекеменин эски документтерин, бүткөн делолорун ж.б. сактаган бөлүмү. 2. Кандайдыр бир мекеменин, адамдын ишине тиешелүү болгон каттардын, кол жазмалардын, сүрөттөрдүн ж.б. жыйындысы. *Ал тарыхты мен өзүмдүн эсиме – Архивиме топтогом* (Эралиев). *Жыпар бош убагында Бектин архивдерин аңтарууну жакшы көрүүчү* (Каимов).

**АРХИВАРИУС** Архивдик кызматкер.

**АРХИВДИК архив** дегенге таандык. *Архивдик материалдар.*

**АРХИЕПИСКОП** Православие динииндеги Епископ менен митрополиттин ортосундагы диндик даража жана ушундай даражалуу дин адамы.

**АРХИЕРЕЙ** Православие дининдеги эң чоң мансаптагы чиндердин (епископ, архиепископ, митрополит) жалпы наамы.

**АРХИПЕЛАГ** *геогр.* Деңизде бири-бирине өтө жакын турган аралдар тобу.

**АРХИТЕКТОНИКА** Көркөм искусство чыгармаларынын бөлүмдөрүнүн, эпизоддорунун өз ара ыңгай менен жайгаштырылышы.

**АРХИТЕКТОР** Архитектура боюнча адис, курулуш иштери боюнча адис.

**АРХИТЕКТУРА** Курулушту долбоорлоо, куруу жана коолдоо искусствосу. Курулуштун мүнөзү, стили. *Роман архитектурасы. Готикалык архитектура. Чыгыш*

*архитектурасы.*

**АРХИТЕКТУРАЛЫК архитектура** дегенге таандык. *Архитектуралык сонун курулуштар. Архитектуралык шитер.*

**АРЧА** Жайы-кышы көгөрүп туруучу, ийне жалбырактуу, көп жылдык жыттуу дарак. *Арчанын жыты буруксуйт, Айлана шайыр нур чачып* (Бөкөнбаев).

**АРЧАЛУУ** Арча өскөн, арчасы көп. *Арчалуу төр.*

**АРЧУ** Арып-ачуу, алдан таюу.

**АРЧЫ I** Айрандан бышып алынган май.

**АРЧЫ II аарчы** менен бирдей.

**АРЧЫНДА** Жипти каршы-терши өткөрүп байлоо, таңуу. *Аркасында арчындаган азыраак жүгү, тамак-ашы бар жаш жигит кайберендей таштан-ташка секирип бара жатат* (Баялинов). *Түйүнчөгүн далыга, Арчындап таңып коюптур* («Мендирман»).

**АРЧЫНДАН арчында** этишинин өздүк мамилеси.

**АРЧЫНДАТ арчында** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЧЫНДОО арчында** этишинин кыймыл атоочу.

**АРШЫ** 1. Асман көк 2. *дин.* Такты, отургуч *Арши-курси, лух калем Бар экенин билесиң* (Кылыч).

**АРШЫН** Түрк элдеринде байыртан келе жаткан узундук чен бирдиги. XVI кылымдан тартып Россияга да тараган. Аршын азыркы 71,12 см туура келет. *Ала-Тоодон кырк аршын, Өдө чыгып алыптыр* («Манас» С.О.).

**АРЫ I** 1. Белгилүү жердин, чектин аркасы, арты, андан обочороок, алысыраак турган жагы. *Шаардан ары беш километр жерде көл бар* (Жантөшев). *Китепти ордунан ары жылдырды* («Ала-Тоо»). 2. Белгилүү бир убактан кийин же ошондон тартып, анын соңунан. *Эртеңден ары карай. Мындан ары калп айтпаска өзүмө өзүм убада бердим* («Байчечекей»).

**АРЫ II** Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн байланыштыруу үчүн колдонулат. *Болочок акындын энеси Бурма дагы ары сөзмөр, ары жомокчу аялдардан эле* («Ала-Тоо»). *Ары сынчы, ары эр, Манжунун каны Нескара* («Манас»). *Карыя ошентип, ары суроолуу, ары ойлуу карады* (Убукеев).

**АРЫ III** Чарчоо, чаалыгуу, алдан таюу. *Ат арыбас болсочу, Жаш карыбас болсочу* (Токтогул). *Ак көңүлдүн аты арыбайт* (макал).

**АРЫ БАРЫП, БЕРИ КЕЛҮҮ** Катуу ооруп айыгуу, көр оозунан кайтуу. *Уулуң ары барып, бери келди* (Сасыкбаев). *Балам тим эле ары барып, бери келди* (Саатов).

**АРЫ КАЛЧАП, БЕРИ КАЛЧАП** Нечен алакеттен өткөрүп, абдан сынап, текшерип. *Ал баланы ары калчап, бери калчап үгүттөөдө* (Бейшеналиев). *Азыр да айлап ичине батырып, ары калчап, бери калчап эми араң ачылып отурбайбы* («Кыргызстан маданияты»).

**АРЫ КАРАП ЫЙЛАП, БЕРИ КАРАП КҮЛҮҮ** Өтө кыйналып, өзүн мажбурлап, арандан зорго өзүн көндүрүп, бирок анысын эч билгизбей, шек алдырбай деген мааниде. – *Алып келе бер! – Агеркеч ары карап ыйлап, бери карап күлдү* (Үмөталиев). *Орто чарбалуулар ары карап ыйлап, бери карап күлүп... байлап берип кутулууда* (Бейшеналиев).

**АРЫ КЕТИП, БЕРИ КЕТИП** Макул болбой, өтө кыйынчылык менен, айнып жатып, өйдө-ылдый болуп жатып, арандан зорго. *Ары кетип, бери кетип жатып акыры түшүнүк жазып берген* (Егиналиев).

**АРЫ ТОЛГОНУП, БЕРИ ТОЛГОНУУ** Көпкө ойлонуу, абдан ойлонуу. *Түндүн бир оокуму, Балдар кызык уйкуда. Бу маалда ары толгонуп, бери толгонуп көзү умачтай ачык жаткан бир гана Адылбек* (Өмүрбаев).

**АРЫБА** Саламдашканда, учурашканда, амандашканда айтыла турган сөз.

**АРЫ-БЕРИ КЫЛА САЛУУ** 1. Тез бүтүрүү, ылдам иштөө. **2.** *к.* **жүр нарыга салуу.**

**АРЫДАН БЕРИ** Өтө тез, ылдам, бир заматта. *Арыдан бери бүтүрө салды.* **В.:Ары-бери караганча.** *Таежеси жүйүртө басып отура калып, ал айрыкты ары-бери караганча тиге салды* (Эшмамбетов).

**АРЫЗ** 1. Бирөөнүн туура эмес иштери, адилетсиздиги ж.б. жөнүндө айтып кайрылган дат, даттаныш. 2. Мекеменин, уюмдун жетекчисине кандайдыр бир маселенин аткарылышын, чечилишин сурап кайрылган кат жүзүндөгү өтүнүч. *Арыз жазуу. Арыз берүү.*

**АРЫЗДАН** Арыз-арманды айтып даттануу, арыз берүү. *Мен миң башыга арызданайын деп келдим* (Абдукаримов). *Арыздандбайм кыйналдым деп, Асыл максат барында* (Байзаков).

**АРЫЗДАНТ арыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫЗДАНУУ арыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫЗДАНЫШ арыздан** этишинин кош мамилеси.

**АРЫЗДАШ** Арыз жазышуу (бири-биринин үстүнөн).

**АРЫЗДАШТЫР арыздаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫЗДАШУУ арыздаш** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫЗЧЫ** Арызданганды жакшы көргөн, арызчыл, арызды көп жазган. *Ажымат анын ичинде, Арызчыларды жамдаган* (Тоголок Молдо).

**АРЫК I** Суу агызуу, эгинди же башка өсүмдүктөрдү сугаруу үчүн казылган алыш. *Кол арык. Өстөн арык. Арык казуу. Арыкка суу салуу.*

**АРЫК II** Эти качкан, майы жок, болук эмес. *Арык мал. Манасым сага келгени, Арык элек, семирдик, Ачыккан элек, тоюндук* («Манас»).

**АРЫК III** Бугу уруусунун чоң уругу. *Атасынын гөрү арыктарды, сөөм жакын эмеспи желдең* (Абакиров).

**АРЫК-ТОРУК** Начар, жүдөө, этинен качкан (малга карата). *Малынын арык-торугу мында болгон менен, көпчүлүгү кышкы жайыттарда* (Убукеев). *Аксайды кыштаган бөкөндөрдүн арык-торугунун кармап жеп жүрүп, бу кышты кечирди* (Айтматов).

**АРЫК ЧЫРАЙ** Анча арык эмес, сыйда, субагай тарткан. *Айша орто бойлуу, арык чырай, чачы узун, сулуу аял экен* («Кыргызстан аялдары»).

**АРЫКТА** Өңдөн азуу, эттен түшүү, арык болуп калуу. *Ажар жүдөдү, арыктады, өчтү* (Баялинов). *Ачка турса арыктап, Талыбаган Телтору ат* («Курманбек»).

**АРЫКТАТ арыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫКТОО арыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫКТЫК** Этинен азгандык, семиз эместик. *Айлабыз кетти, Арыктыгыбыз жетти* (Тоголок Молдо).

**АРЫЛ** 1. Тазаруу, кетүү. – *Айланайын Сен да балам, Арылды го бут капам* (Нуркамал). 2. Кутулуу, жок кылуу, жок болуу. *Арылган өткөндөгү калың шордон* (Турусбеков).

**АРЫЛА** Белгилүү жерден оолактоо, алыстоо, ары карата жылуу. *Ал арылап баргандан кийин Суусамыр суусуна кошулат* («Жаш ленинчи»).

**АРЫЛАТ арыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫЛГЫС** Бошоно алгыс, кутула алгыс. *Жалаң гана кайгы менен дилкыйноо азабынан биротоло арылгыс арман-муң болуп жаралган* (Станалиев).

**АРЫЛДА** 1. Үндү катуу чыгарып бакылдоо, беттен алып орой сүйлөө. *Сапар арылдап, ызасына чыдабай уруша эшикке жөнөдү* (Бейшеналиев). 2. Катуу согуу (шамал, эпкин); шар агуу, күүлдөгөн катуу дабыш чыгаруу. *Арылдап соккон катуу шамал. Арылдап кирген чоң суудагы агынды кайда кетпейт?* (Жантөшев).

**АРЫЛДАТ арылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫЛДОО арылда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫЛОО арыла** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫЛТ арыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Ак пейилден, ардагым, көрүп камың, Арылтамын суу сэзп жолдун чаңын* (Байзаков).

**АРЫЛТ арыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Атакебай, арбагыңа кайрылам: Арылт мени мындан соңку кайгыдан* (Байзаков).

**АРЫЛУУ арыл** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫМ** 1. Басканда, жүгүргөндө алга карай шилтенген кадам, арыш. *Уландар арымдарын кере таштап, алга жөнөп калышты* (Жантөшев). *Арзы арымын катуулата шилтеди* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсенин өнүгүү, илгерилөө темпи, алга карай умтулушу. *Радио менен телевидениенин келечеги өтө кең, арымы абдан чоң* («Кыргызстан аялдары»). *Кыргыз поэзиясы жалындуу, күрдөөлдүү доордон калбай арым таштоодо.*

**АРЫМДА** Кадам шилтөө, арыштап басуу, алга карай арым таштоо. *Ажалды айдап алып кара туман, Арымдап бери жылып келе жаткан* (Абдыраманов). *Жигиттер арымдай басып аялдарга жете келишти* (Жантөшев).

**АРЫМДАП** Бара-бара, уламдан-улам.

**АРЫМДАТ арымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫМДОО арымда** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫМДУУ** 1. Кадамы, арымы чоң. *Арымдуу чоң ат.* 2. Өсүшү, илгерилеши тез; өнүмдүү.

**АРЫМСЫЗ** 1. Арымы кичине, кең арымдай албаган. 2. Илгерилей албаган; өсүү, өнүгүү темпи начар.

**АРЫН** Сорпо куюулган майда тууралган эт, бешбармак. **Нарын** менен бирдей. *Азыркынын жигиттери кымызга кызып, арынга ыксыраганына, коктудан чыкпаганына корстон туугандарыма жан тартып, колукту доосун эки жоон топ жүзгө жыгып бердим.* (Абакиров).

**АРЫП** 1. Сыйкырдык амал, дубакөйлүк. *Жадыгөйгө буюрду, Дуба менен арыпты* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Куулук, амалкөйлүк. *Кырк арыбы бар. Артык арып, ар амал Аруукеден билинди* («Манас» С.О.). *к.* **арип.**

**АРЫПТА** Сыйкырлоо, дубалоо. *Арасынан баарысы Арыптап окту сологон* («Манас»). *Арыптап койгон эмедей Адамдын колу тийбеген* (Токомбаев).

**АРЫПТАН** Амалдан, куулан.

**АРЫСТАН** *туурасы:* **арстан.**

**АРЫСЫ-БЕРИСИ КАЙСЫ** Эч айырмасы жок, баары бир. *Анын арысы-бериси кайсы, макулдашкан күндө эле баралы* («Ленинчил жаш»).

**АРЫСЫ ҮЧ, БЕРИСИ ЭКИ** Көп болсо үч, болбосо эки (эки үч, саны о.э. төрт, беш, жыйырма, отуз сандары менен алмашылып айтышы мүмкүн). *Арысы үч, бериси эки күндө келип калабыз, жакшы тургула,* – *деп жөнөп кетти* («Жаштык жарчысы»).

**АРЫТ I ары III** этишинин аркылуу мамилеси. *Ат арытып жер чалган. Алп мүчөлүү*

*сен кимсиң* («Семетей»).

**АРЫТ II** 1. **арт V** менен бирдей. *Мурдунун чимкиригин арыта албай жүрүп, мага тыңдуусунганын көр* («Чалкан»). 2. Кыдырып чык, көп жерлерди тынбай кыдыр, карап чык. *Балдар, биз бүгүн тетиги чоң кыр, андан соң тиги көрүнүп турган сорогой чокуга чейин түгөл арытып чыгабыз* (Сыдыкбеков). *Жалпың атка миниңер, Жер арытып келиңер* («Эр Табылды»).

**АРЫТАДАН арытан** менен бирдей.

**АРЫТАН** Ары жактан, бир кыйла алыс жерден, оолактан. – *Энем чакырып жатат – деп арытан Сүйүмкан басып келди* (Жантөшев). *Ал аңгыча болбоду Арытан көрдү карааанды* («Адыл мерген»).

**АРЫТТЫР арыт I** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫТУУ арыт II** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫШ** 1. Басып же жүгүрүп бараткандагы шилтенген кадам, арым. *Арышты керет Чалкуйрук Аябай күлөт Эр Төштүк* («Эр Төштүк»). *Ажал жолу чилдин арышынан кыска* (Сыдыкбеков). 2. Бирдеменин илгерилөө, өнүгүү-өсүү темпи, өсүш. *Узап барат жыл сайын, Машина жолдун арышы* («Жазгыч акындар»). *Так ушундай тууган элим Беш жылдыктын арышы* (Токомбаев). 3. *сейр.* Ар тарап, кендик. *Алты уулдуу кишинин Алты арышта малы бар* (макал). *Жараттың арыш ааламды* («Манас»С.О.).

**АРЫШТА** 1. Кадам шилтөө, арышты салып басуу, арымдоо. *Ашыр аттын аягына жараша арыштап, кыйкырып коюп келе жатар эле.* (Сасыкбаев). *Жылдызкан аңгадөңгө карабай арыштап жөнөдү* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир иштин, кыймыл-аракеттин темпин күчөтүү, илгери карай жүрүү, өрүш алуу. *Арыштап жүрүп бердик атакалап, Баш жарган кыйкырыкта сүрөөндөгөн* (Абдыраманов).

**АРЫШТАТ арышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АРЫШТОО арышта** этишинин кыймыл атоочу.

**АРЫШТУУ** Арышы, кадамы чоң. *Арыштуу ат.*

**АРЬЕРГАРД** *сог.* Алга карай жылып бараткан учурда негизги күчтүн артында жүрүүчү жана тыл жакты да коргоочу армиянын же флоттун бир бөлүгү.

**АС** 1. Бир нерсени салаңдаган абалда илип коюу; байлап таштоо. *Бүбүш тулгага чайнегин асып, кемегенин жанында* («Ала-Тоо»). *Сүзмө куюлган баштыкты керегеге асып, жеңебиз эшикке жөнөй берди* («Ала-Тоо»). 2. Дарга асуу, дарга тартуу жолу менен өлтүрүү. *Каныбектин колу-бутун байлатып дарга асмакчы болот* (Жантөшев).

**АСА** 1. Думаналар алып жүрүүчү таяк. Адатта кызыл-тазыл чүпөрөктөр, жип байлап, металл чыгырыктар, калай, тыйын ж.б. нерселер тагып (алар кыймыл учурунда шалдыраган үн чыгарышат), муунап, оюулар түшүрүп, түрдүү сыр боёктор менен боёп, учун жука металл (калай, темир ж.б.) менен каптап (кээде катуу шиш бекитип – ал таянганда жерге кирип, тайгаланбоо максатын аткарат) алган, узундугу алган адам боюна жараша ылайыкталган, анча жоон эмес, как, катуу жыгачтан жасалган жеңил таяк. Думананын кесиптик негизги белгисинин бири. Сөздүн түпкү теги Аса-Муса (Муса пайгамбар таянган касиеттүү аса таяк) менен байланышат. *Асасы колдо шалдырап* («Манас» С.О.). *Козголуп турсам асамды, карматканым эсимде* («Эл адабияты»). 2. Боору жик-жик болуп өскөн катуу жыгач жана ошол жыгачтан жасалган катуу таяк. *Кулбаш аксакал колундагы аса таягын өйдө көтөрүп, элдин көңүлүн өзүнө бурду* (Абдукаримов).

**АСА КАРЫБАЙТ** Макал. Өлгөн адамга асалап барган эч качан кеч эмес, өлгөн адамга көңүл айтып, үй-бүлөсүнө көз көрсөтүү эскирбейт, кеч болсо да барып жубатууга болот деген мааниде.

**АСА-МУСА аса** менен бирдей. *Кадимки думаналардын аса-мусасынын өзү* (Элебаев). *Аса-муса шилбиси, Арасында илбирси* («Эл адабияты»). *Календер бардык күчү менен аса-муса таягын жерге урганда, үйдүн ичи шарак-шурак этип барып токтогондой боло түштү* (Жантөшев).

**АСА ТАЯК** Музыкалык аспап. *Анын ары жагынан, Аса таяк шалкылдап* (Дүйшеев).

**АСААТ** *туурасы:* **насаат.**

**АСАБА** Сөздүн түпкү теги асма, асылма дегенди туюнтат. Туу, желек асылып коюлуучу жыгач, же туу, желекти асуучу (асма) жыгач. Желектин, туунун жыгачы менен чүпүрөгү бөлүнбөй бир түшүнүк катары кабыл алынуунун натыйжасында жалпы жонунан желекти (туу эмес) туюнтуп калат. *Ак асаба, кызыл туу байлап, Ат коюшту айгайлап* («Манас» С.О.). *Асаба желек жалпылдап, Каптап кирип калганы* («Манас»).

**АСАЛ** *диал.* Бал. *Тамагыңды жибитет, Асал кошкон майы бар* (Барпы).

**АСАН I** 1. Оңой, жеңил. *Илим алуу деген асан эмес.* 2. Сулуу, көркөм кооз. 3. Энчилүү ат. *Асан быйыл 9-классты бүтүрдү.*

**АСАН КАЙГЫ** *өт.* Кейикчээл, санаачыл, курулай кайгы чеге берген. *Асан кайгы адам дартка бат чалдыгат да, бат эле алдырып жиберет* (Бердикеев). *Атам абдан Асан кайгы адам эле* («Ала-Тоо»).

**АСАН-ҮСӨН** 1. Кыргызда эгиз эркек балдардын аты. Түбү – Мухаммед пайгамбардын жээндери Хасан жана Хусаин деген аттардан өзгөргөн. 2. Асманда жаандан

кийин пайда болгон түрдүү түстөгү жаа. Муну кыргыздар: күндүн желеси деп, же жез кемпирдин көгөөнү деп да атай берет. *Туулган колотумдун чатынын так үстүндө албан түстө кубулжуган татынакай асан-үсөн илинип туруптур* (Жигитов).

**АСАР // АСЕР** 1. Таасир, из. *Анын сүйлөгөн сөздөрү отургандарга кенедей да асар калтырган жок.* 2. Чыгарма, басылып чыккан эмгек. *Татар жазуучусу, акыны Абдулла Тукаевдин асарларын илгери кыргыздар көп окуган.*

**АСАТ АЙЫ** Май айы. *Он бешке чыгып турган асат айы, Жаркырап чар тарапка нурун септи* («Эл адабияты»).

**АСБЕСТ** Отко күйбөгөн, кислота жей албай турган, техникада кеңири колдонулуучу, була сыяктуу борпоң келген минерал. *Беш-Таш чатындагы асбест кенинин базасында шифер жасоону сунуш кылып жатат* («Коммунист»).

**АСБИЛ** Тандалган, кошмосу жок таза, эң мыкты. *Асбиллеп килемди Төө башына жаптырган* («Эл адабияты»).

**АСБИЯ** **асбил** менен бирдей.

**АСЕЛ** **асал** менен бирдей. *«Ачпас айры» – кесеңден, Чайга салган аселден* («Эл адабияты»).

**АСЕМ** Кооз жасалга, келишкен көрүнүш. *Ачылды көшөгөсү чоң бөлмөнүн, Асемге ичиндеги машыркандык* (Маликов). *Ак өргөө тигип, кой союп, Асем менен берем деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Укмуштуу асем болгонсуп, Асманга жылдыз төгүлдү* (Жантөшев).

**АСЕМДЕ** Кооздоо, көркөмдөө, келишимдүү түргө келтирүү. *Ак зоонун башы мунарык, асемдеп айтсак ылайык* (Женижок).

**АСЕМДЕЛ** Кооздолуу, жасалгалануу. *Жүгөндөрүнө асемделип күмүштөн, жезден чөгөрүлгөн* (Акматов).

**АСЕМДИК** Кооздук, көркөмдүк, мыкты жасалгалуулук.

**АСЕМДӨӨ** **асемде** этишинин кыймыл атоочу.

**АСЕМДҮҮ** Кооздолгон, көркөмдөлгөн. *Боз үйдүн асемдүү жасалгасы конокторду таң калтырды* («Кыргыз руху»).

**АСЕР** 1. Көңүлдө калган элес, таасир. 2. *эск.* Чыгарма.

**АСИРЕТ** *диал.* Кайгы-капа, муң-зар, касырет. **АСИЗ** *туурасы* **азиз**.

**АСИЛ I** *диал.* Насил, тек. *Асилиң саяк, тууганым, Туугандан чыккан бууданым* (Тоголок Молдо).

**АСИЛ II** Тукум, урук. *Кандык кылдым канча жыл өзүмдөн жок асилим* («Эл адабияты»).

**АСИЛИ** Негизинен, тегинде, дегинкисинде, деги. *Ажалы жеткен барбаса, Асилим киши барбас деп* («Манас»).

**АСИЛКЕЧ** *туурасы:* **асылкеч**.

**АСИММЕТРИЯ** *сүр.* Дал келбестик, төп келбестик, симметриянын жоктугу же бузулушу.

**АСИНДЕТОН** *адаб.* Сөздөрдүн же сүйлөмдөр арасында байламтасыз айтылган ыр саптары. *Бирге жүрөм, эне тилим кадырлайм, Бул тил менен: иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм* (Осмонов).

**АСИП** *диал.* Быжы.

**АСИР** **асыр** менен бирдей.

**АСИРЕСЕ** Айрыкча, бөтөнчө, көбүнчө. *Борбордун калкы, асиресе, маданий чөйрөлөр кыргыз комузу менен тааныш* (Каимов).

**АСИРЕТ** Кайгы, касирет, өкүнүч, убайым. *Ак тилекке жетпесем, Асирет менен өлөрмүн* («Манас» С.О.). *Асирет арман муң менен Акыры мындай дешишти* (Токтомушев).

**АСКА** Тоонун таштуу бийик зоокасы. *Тээ алыстагы аркайган тоолордун жалама аскалары шаңдуу карайт* (Каимов).

**АСКА БЕЛ** Тирек, жөлөк, таяныч. *Кулаптыр аска белибиз, Сууган белем демибиз* («Сейтек»).

**АСКАЛУУ** Аскалары көп, аска ээлеп турган. *Аскалуу тоо. Аскалуу капчыгайдын жаңырыгы алда кайда кетип жатты* (Жантөшев).

**АСКАР ТОО** 1. Эң бийик аска тоо, залкар тоо. 2. Таяныч, жөлөк, тирек. *Уулум менин аскар тоом.*

**АСКАРИДА** Сүт эмүүчү жаныбарлардын ичегисинде болуучу жумуру, узун келген мите курт.

**АСКЕР** 1. Мамлекеттин куралдуу адамдардан турган согуштук күчтөрү. *Жөө аскер. Атчан аскер.* 2. Жоокер, армия кызматындагы адам, солдат. *Жапек үнүн аскерлердин бардыгына жеткирүү үчүн кыйкыра сүйлөдү* (Жантөшев). *Аскер деген эле аты болбосо, али булар боз балдар* (М.Үсөн).

**АСКЕРБАШЫ** Аскерлердин башчысы; армиянын командачысы. *Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскербашы ажырай түшкөн эле* (Касымбеков).

**АСКЕРДИК** **аскер** дегенге таандык. *Аскердик милдет. Аскердик кызмат. Аскердик тартибин дал ушул жерден баштайлы* (Жантөшев).

**АСКЕТ** 1. Байыркы убакытта – дүйнөдөн, турмуштун жыргалынан безип, жалгыз тиричилик кылуучу такыба христианин адам. 2. *өт.* Турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып түнт жашоочу адам.

**АСКЕТИЗМ** 1. Материалдык дүйнөдөн, жалган дүйнөдөгү турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, такыба жашоо, сопучулук.

**АСКИЯ** 1. *адаб.* Сөз оюну – түрк тилдеринде кеңири тараган оозеки жанрдын бир

түрү. *Алар газета-журнал окугандан көрө көк чай ичип, чайканада аския айтып отурганды жакшы көрүшөт* («Ала-Too»). 2. Шылдың, шылдың аралаш кекээр. *Бир бирин аскиялап, сөзгө камап, Кээ-кээде көтөрүлөт каткырыктар* (Эл ыры). *Ал Атакулду ээрчий карап, акырын аския айтып күлдү: – Ие... бачага окшоп үйпаланып чыкты го?!* (Касымбеков).

**АСКИЯЛА** Аския айтуу, аския аралаштыра күлкү-тамашага чалып сүйлөө. *Бири-бирин аскиялап, сөзгө камап, Кээ-кээде көтөрүлөт каткырыктар* (Абдыраманов).

**АСКИЯЛУУ** Аския менен айтылган, какшык аралаштыра айтылган, күлкү-тамашалуу. *Аскиялуу сөздөр.*

**АСМА I** Асылып турган, асып коюуга ылайыкталган. *Бир кезде булар калтылдаган эски асма көпүрөгө келип токтошту* (Баялинов). *Агасынан алган жонго асма баштыгынын ичинен чучукту алып чыгып, кагаз ороосун ачты* (Абдумомунов). *Ал кезде көчөлөрдө асма чырак, Ал үйлөр алда качан кеткен кулап* (Шүкүрбеков).

**АСМА II** *диал.* Чай тулга. *Зуура коломтого асма асты да, чай кайнатты* (Баялинов).

**АСМА III** Өрмөктү өйдө көтөрүп, согууга ыңгайлуулук түзгөн башы бириккен үч буттуу жыгач.

**АСМАЙ насыбай** менен бирдей. *Төрдө бир жан аякка асмай ийлеп отурган* («Жаш ленинчи»).

**АСМАН** Жер үстүнө көмкөрүлгөндөй болуп көрүнгөн аба мейкиндиги, көк, атмосфера. *Асман ачык, ай жарык* (Сасыкбаев). *Ай жок болсо асмандын Түрү болбойт эмеспи* (Бөкөнбаев). *Жарашык берип асманга Жайнады жылдыз жыбырап* (Бөкөнбаев).

**АСМАН-АЙГА ТҮЙҮЛҮҮ** Айтылган кепке, сунушка макул болбоо, четке кагуу, уккусу да келбөө, так секирүү. *Шыгайдын өзүн кампачы кылууну айтканда Сагынбек асман-айга түйүлүп койгонун айтты* (Жантөшев). *Сапар ого бетер асман-айга түйүлдү* (Бейшеналиев). **В.: Асман-айдан түйүлүү.** *Силер асман-айдан түйүлүп жеригидей Болотбектин кайсы жери кем?* («Ала-Too»). **Асман бою түйүлүү.** *Энем ооруп калыптыр, доктур чакырталы десем, асман бою түйүлүп, болбой койду* («Ленинчил жаш»). *Тообай кармоого аракет кылды, бирок азоо кара кер асман бою түйүлөт* (Абдумомунов).

**АСМАН МЕЛЖИГЕН** Абдан бийик, көз жеткис. *Тээ ыраакта асман мелжиген тоолор* (Осмоналиев). *Малга жайлуу жашыл өрөөндөрдүн тутумдаган аралыктары окчун, асман мелжиген айтылуу дабандар* (Бейшеналиев).

**АСМАНГА АТЫП ЧЫГУУ** *аңч.* Бүркүт, куш агытылганда бийик көтөрүлүп учуусу.

**АСМАНГА КОЛУ ЖЕТКЕНДЕЙ к. айга колу жеткендей.**

**АСМАНДА** Көкөлөп бийик көтөрүлүү, асманга чыгып учуу. *Аскалуу тоону капталдап, Жагалмай келет асмандап* (Бөкөнбаев). *Асмандап учуп ат миндик, Темир канат шумкардан* (Тоголок Молдо).

**АСМАНДАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ** 1. Элден бөтөнчө болуп, өзгөчөлөнүп тургандай, өзгөчө болуп көрүнгөндөй. *Кыз болсо түн ичинде асмандан түшө калгандай кең дүйнөнүн ушул коздугунун эркин падышасына окшоду* (Жусупов). *Ким болду экен бул экөө, Асмандан түшө калгандай?* (Жантөшев). 2. Жок жерден, күтүлбөгөн жерден пайда болгондой. *– Эй, Сабо, сен сыйкырчы болуп кеткенсиң го, асмандан түшө калгандай болуп кайдан чыга калдың?* (Ашымбаев).

**АСМАНДАТ асманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСМАНДОО асманда** этишинин кыймыл атоочу.

**АСМАНДЫН БАШЫ** Өтө кымбат, абдан кымбат. *Кызыма бир жакшы пальто алып берейин десем, баасы асмандын башы экен, акчам жетпеди* («Агым»).

**АСМАН-ЖЕРДИ ЖАҢЫРТУУ** Өтө катуу үн чыгаруу. *Асман-жерди жаңыртып, ырдай турган чак ушул* (Абакиров).

**АСМАНТ** Маалынан өтүп бычылган бука, теке, кочкор.

**АСМАНЫҢДЫ ТАШТАП ЖИБЕР** Колуңдан келген жаманчылыгыңды, кастыгыңды жасай бер, такыр аянба деген мааниде колдонулат. *Сооронбай болушуңа салам айта бар: бизге деген асманын таштап жиберсин, – деди да, Каныбек ордунан туруп четке карап басты* (Жантөшев). **В.: Тиреген асманыңды таштап жибер.** *Тиреген асманың болсо таштап жибер, мага баары бир* (Байтемиров).

**АСОО** *туурасы:* **азоо.**

**АСПАНДУУ** Кымбат металлдан жасалган кылыч. *Аспандуу кылычын Кыстарышып белине* («Эл адабияты»).

**АСПАП** Ар нерсе жасоого, иштетүүгө колдонулуучу куралдар, шаймандар. *Устанын аспаптары. Мамбеткул аспаптарын чогултуп жүргөн.* (Каимов).

**АСПЕКТ** Нерсе, көрүнүш, түшүнүк каралып, талданып жаткан көз караш, байланыштын бир тарабы.

**АСПИ** 1. Ат, жылкы. *Аспиден канча салалык, Айдатып арбын алалык* («Манас»). 2. Жылкы жылы (жыл эсебинде жетинчи жыл).

**АСПИЕТ** Абайлуу, ыйык, аздектүү мамиле, этияттап бапестөө. *Аспиеттеп ат кармап, Токубаган балалык* (Жеңижок). *Согуш башталганда эл арасынан күн санап жүздөгөн жаштар кете баштаганынан*

*чоочуган Кулмат төрт кыздын ичинде көз карегиндей аспиеттеген ушул жалгыз Чоробайын ошонукуна алып качат* (Мавлянов).

**АСПИРАНТ** Аспирантурада окуп жаткан адам. *Аспиранттын издегени эле өзүнүн илимине керектүү материалдар эмеспи* (Акматов). *Чакан бөлмөлөргө аспиранттар кирет* (Бейшеналиев).

**АСПИРАНТУРА** Жогорку окуу жайларынын же илим-изилдөө институттарынын алдында жогорку окуу жайларынын окутуучуларын, илимий кадрларды даярдоо системасы.

**АСПИРИН** *мед.* Дене ысуусун, ооруну баскан дары.

**АСРЕЙИЛ** *туурасы:* **азирейил**.

**АССАЛОМ АЛЕЙКУМ** Амандашканда биринчи салам берген киши айтуучу сөз. – *Ассалом алейкум! – деп төртөө тепетең салам берди* (Абдукаримов). *«Ассалоом алейкум» – деп катуу добуш салды кабинетке киргенин билген соң. «Алейкум ассалоом» – Сапар ордунан тура келди* (Мавлянов).

**АССАЛООТУ ЖАНАЗА** Өлүк намазы, өлгөн адамга окулуучу намаз. – *Ассалооту жаназа!...деп, үч-төрт киши Сансыздын өлүгүн сыртка чыгарышты* (Жантөшев).

**АССАМБЛЕЯ** Кандайдыр бир эл аралык уюмдун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу.

**АССЕНИЗАЦИЯ** Аймактын гигиеналык шарттарын жакшыртуу чараларынын системасы.

**АССИГНОВАНИЕ** Бирдемеге жумшоо үчүн каражат бөлүп берүү. Ошондой максат менен берилген акча. *Жаңы өнөр жай ишканалары негизинен мамлекеттик ассигнованиенин эсебинен курулуп жатат.*

**АССИГНОВКА** Кредитти башкаруучу тарабынан банкка жиберилген документ (ошол документ боюнча банк бөлүнгөн сумманы төлөп же тийиштүү эсепке которуп турат).

**АССИМИЛЯЦИЯ** 1. *биол.* Өсүмдүктөрдүн же жаныбарлардын башка заттарды өздөштүрүү процесси. *Ассимиляция жана диссимиляция процесстери денеге токтолбой тынымсыз жүрүп турат* («Ден-соолук»). 2. *лингв.* Бир тыбыштын экинчи тыбышка карай ээрчишип (окшошуп) кетиши. Мисалы: *тоо + лар = тоолор, саат+да = саатта* ж.б.

**АССИРИЯЛЫКТАР** *ж. с.* ассириялык. Б.з.ч. үч миңинчи жылдын аягынан 7-кылымдын акырына чейин Алдыңкы Азияда жашаган байыркы улуу мамлекеттердин бири болгон Ассирия мамлекетинин калкы.

**АССИСТЕНТ** Жардамчы адис, кандайдыр бир илимий иш, операция жүргүзүү учурунда, студенттер менен практикалык иш алып барууда ж.б. профессорго, врачка жардам берүүчү кызматчы.

**АССОНАНС** *адаб.* Уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген стилистикалык ыкма. *Агарып аткан таң бекен, Агарган таңдай жан бекен. Асмандап учкан каздайым, Ак жайык жаткан саздайым»* (Элдик ыр). *Ызылдайт аары ызылдайт, Ызгышат, ырдайт, тызылдайт* (Токомбаев). *... айдан түшүп, акынга азап берген сулууга Токтогул болуп топ кыймылын токтотуп, сыздап-боздоп, какшап-ыйлап туруп ырдадым* (Станалиев).

**АССОРТИМЕНТ** Соода ишканаларындагы товарлардын же өндүрүштүк ишканаларда чыгарылуучу буюмдардын ар кандай түрлөрүнүн иргелген тандамасы, жыйындысы.

**АССОЦИАЦИЯ** 1. Аткарган ишинин багыты, түрү бирдей болгон мекемелердин өз ара бирикмеси, союзу. 2. *психол.* Психикалык процесстердин өз ара байланышы, аңсезимде пайда болгон элес, түшүнүк өзүнө окшош же карама-каршы элести эске түшүрүүсү.

**АСТА I** Акырын, жай, сабыр менен. *Нар буурадай теңселип, Алышууга белсенип, Аста басып барганы* («Манас»). *Аста басып жөнөсө, Асмандан түшкөн желкайып* (Жеңижок).

**АСТА II** Каалоо, көксөө.

**АСТАЙДИЛ** *диал.* **астейдил**. *Астайдил бир өзүңдү сүйгөнүмдү Айтпайбы аска-зоонун ар-чалары* (Байзаков). *Астайдил менен сүйбөсө, Адамды адам сагынбайт* (Эл ырынан).

**АСТАЛА** Акырындоо, шашпоо; жайбаракаттык менен иш кылуу. *Асталап айт. Аста-асталап отуруп араң көндүрдүк.*

**АСТАЛАТ** **астала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСТАЛОО** **астала** этишинин кыймыл атоочу.

**АСТАЛЫК** Акырындык, жай баракаттык, шашпастык, этияттык. *Алмамбетке бет алып, Асталык менен кеп салат* («Манас»).

**АСТАНА** 1. Тоонун жылгасынын, капчыгайдын оозу (босогосу). *Астананы өрдөгөн, Ажалсыз бенде өлбөгөн* («Манас» С.О.). 2. *диал.* Босого; эшиктин таманы. *Үйдүн астанасы.*

**АСТАПЫРАЛЛА** *дин.* Чочуганда, жагымсыз нерсени көргөндө «Кудай өзү кечирсин» деген сөздүн ордуна колдонула турган сөз.

**АСТАПЫРЫЛДА** **астапыралла** менен бирдей. *Астапырылда! Менин силерге келгендеги максатым бул* (Турусбеков).

**АСТАР** 1. Ичтик кездеме. *Саржа астар. Жибек астар.* 2.*өт.* Жашырын, ички, көрүнбөгөн себеп. *«Рахмат, бул айтканыңа» – дедим мен да, анчейин оюндагысын айткан экен десем, анын да сөзүнүн астары бар турбайды* (Айтматов).

**АСТАРЛА** Астар салып тигүү, ич салуу, ичтөө. *Астарлап тигилген плащ.*

**АСТАРЛАТ астарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСТАРЛОО астарла** этишинин кыймыл атоочу.

**АСТАРЛУУ** Астары бар, астарлап тигилген. *Астарлуу плащ.*

**АСТАРЛЫК** Астарга жарактуу, астарга ылайыктуу, астарга жарагандай. *Астарлык материал.*

**АСТЕЙДИЛ** Чын жүрөктөн, чын пейли менен, чын дилден. *Алар Кызыл Армияны күтүп, жеңишке астейдил ишенишкен* (Бөкөнбаев). *Астейдил мамилем ичин жылыттыбы, эркелеткен кыязда күлүмсүрөп: – Келдим, балам, – деди кемпир* (Касымбеков).

**АСТЕНИЯ** *мед.* Организмдин жалпы начардыгы, алсыздыгы.

**АСТЕРОИДДЕР** *ж. с.* **астероид.** Көбүнчө Марс менен Юпитердин ортосунда Күндү айланып жүрүүчү майда планеталар. *Астрономдор ар жыл сайын жаңы астероиддерди таап жатышат* («Астрономия»).

**АСТИ асили, асты** менен бирдей. *Кетип барат, кетип барат жүгүрүп, Калбайт асти чарчап, талып каржалып* (Бөкөнбаев). *Жетпей кайтпа Таласка, Кайрылбай асти өтпөгүн, Кара көк жал Манаска* («Манас»). *Бу кишилердин тамашасын асти көөнүңө алба* (Жусубалиев).

**АСТМА** Адамдын деми кыстыгып, тумчугуусу. *Астма бронхиалдык жана жүрөк астмасына бөлүнөт. Жүрөк астмасы.*

**АСТРА** Түрдүү түстө гүл ачкан декоративдик чөп өсүмдүгү. *Астра гүлү.*

**АСТРОКАЛЕНДАРЬ** Астрономиялык календарь. *Туулган жылыңыз, аты-жөнүңүздү астрокалендарь боюнча эсептесек үчүнчү көзүңүздүн ачылышына мүмкүнчүлүк бар сыяктуу* (Акматов).

**АСТРОЛАТРИЯ** Жылдыздарга, асман телолоруна табынуу. *Сабак астролатриянын негиздери боюнча эле* (Акматов).

**АСТРОЛОГ** Астрология жагында иштеген, ошол боюнча адистешкен адам.

**АСТРОЛОГИЯ** Жер жүзүндөгү кубулуштарга жана адамдардын турмушуна асмандагы жарык берүүчү телолордун таасир кылышы жөнүндө байыркы заманда пайда болгон окуу (асмандагы жылдыздардын жайгашкан орду боюнча келечекте эмне болорун алдын ала айтуу, аныктап берүү аракетин жүргүзүүчү окуу).

**АСТРОНАВТ** 1. Астронавтика боюнча адистешкен адам. 2. Космоско учкан учкуч (АКШда); космонавт. *Американык астронавт Армстронг биринчи болуп Айга конгон.*

**АСТРОНАВТИКА** Учууучу аппараттарды аалам мейкиндигине учуруу милдетин аткаруучу илим.

**АСТРОНОМ** Астрономия жагына адистешкен адам.

**АСТРОНОМИЯ** Аалам, галактика, жылдыздар дүйнөсү жөнүндөгү илим. *Астрономиядан да беш алганмын* (Мавлянов).

**АСТРОНОМИЯЛЫК астрономия** дегенге таандык. *Астрономиялык изилдөөлөр.*

**АСТРОФИЗИКА** Асман телолорунун физикалык касиет, сапатын, химиялык тектик тутумун изилдей турган астрономия илиминин бир бөлүгү.

**АСТЫ I** 1. Бир нерсенин төмөн жак бети, жерди же ылдый жакты караган тарабы. *Шырдактын асты. Тактанын асты. Канатынын астынан Төштүктү алып чыкты эле* («Эр Төштүк»). 2. **Алды** менен бирдей, бет мандай тарап. *Ачуулуунун астынан чыкпа* (макал). *Астына ат салбаган күлүк жылкы* («Ала-Тоо»). *Койлорду астына салып кубалап кете берди* («Ала-Тоо»). 3. Бир нерсенин ылдый жакты багыты, төмөнкү тарабы. *Айылдын асты айдоо жер. Сарайдын астынан кырманга карай жол салынды.* 4. Мезгилдин, окуянын ж.б. башталышы. *Март баштап кирип келди жаздын асты* (Турусбеков).

**АСТЫ II** Эч качан, эч бир, асили. Дегеле, деги. *Асты сенден жакшылык көрбөдүм* («Ала-Тоо»). *Асты акесине тийгиси жок, же өлгүсү жок* («Эл адабияты»). *к.* **асили, асти.**

**АСТЫ-ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ** Эпилдеп-жепилдөө, абдан кичи пейил мамиле жасоо, жалынып-жалбарып суранган, же жасакерленип жагынууга аракет кылган мамиледе болуу. *Батма чоң апамдын асты-үстүнө түшүп атып, анын кабагы түшкөн кебетесин жазып жиберди* (Бердикеев). *Бул кабарды билген соң, мени ала бар деп жалынып, асты-үстүнө түшүп, асыла кеттим* (Элебаев). *Кайра-кайра кечирим сурап кой-со байкелеп, асты-үстүнө* (Бердикеев). **В.: Алды-үстүнө түшүү.** *Мына эми, алды-үстүнө түшө калып, Не десе, Керим чалга биз даярбыз* (Шамшиев).

**АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ** Чакчелекейи чыгуу, чаң-тополоң түшүү, будуң-чаң болуу. *Кечээ дүнүйө астын-үстүн болгондогу ала сапыраңда бир аз аман калгандары бар* (Укаев). *Кара түтүн каптап, эчтеме көрүнбөй, жер титиреткен күркүрөк-шаркырактан эчтеме угулбай, жер астын-үстүн болуп турган* (Абдукаримов).

**АСТЫН-ҮСТҮН КЫЛУУ** Таш-талканын чыгаруу, кыйратуу, чакчелекейин чыгаруу, талкалоо. *Астын-үстүн кыламын. Ой, тоо, түзүңдү* («Мендирман»).

**АСТЫНА ЖЫГЫЛУУ** *к.* **бутуна жыгылуу.**

**АСТЫНА ОЛПОК, ҮСТҮНӨ ҮПЧҮ БОЛУУ** Эпилдеп өтө эле жылуу мамиле жасоо, көзүнүн агы менен тең айлануу, кошоматтануу. *Желмогуз кемпир Кундуздун се-*

*нин астыңа олпок, үстүңө үпчү болгонунун себеби ушул* (Жантөшев).

**АСТЫНА ТҮШҮҮ** *этн.* Кызуу кандуулуктан, жаңылыштыктан ж.б. себептерден улам бирөөгө чеки сөз айтып же кол тийгизген адамдын өз айыбын тартып жабырлануучуга кийит кийгизип, мал берип (*к.* тогуздап айып тартуу) кечирим суроосу. *Эси жок баласынын кылыгы үчүн кээде ата-эне демейде салам бербес душманынын астына түшүп, басынууга аргасыз болушат* («Агым»).

**АСТЫНАН КЫЯ БАСПОО** Абдан сыйлоо, ызаат кылуу, урмат көрсөтүү. *Кыя баспай астыңдан, Кол куушуруп турайын* (Жантөшев). **В.: Астынан кыя өтпөө.** *Эрке кыз астыңдан кыя өтпөйт ко, апа деп делбиреп турат ко* (Байтемиров).

**АСТЫНАН ӨТҮҮ** *к.* **алдынан өтүү.**

**АСТЫҢКЫ** 1. Алды жактагы, асты жакка орношкон, астында турган. *Астыңкы орун.* 2. Төмөн жактагы, башкалардан ылдый турган. *Астыңкы айыл. Кул астыңкы эрдин тиштеп, бир аз унчукпай калды* (Абдукаримов). 3. Мыкты, алдыңкы. *Астыңкы окуучулар. Астыңкы жумушчу.*

**АСТЫР ас** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСТЫРТАДАН астыртан** менен бирдей.

**АСТЫРТАН** 1. Асты жагынан, асты жагы менен. *Колунун сырты менен сакалын астыртан өйдө көздөй көтөрүп сылагылап койду* («Ала-Тоо»). 2. Эч кимге көргөзбөй, жашыруун, жең ичинен, тымызын, алдыртан. *«Амандашып келгин» – деп, астыртан мени жиберди* (Токтогул). *Башкарма карыяны астыртан чымчып койду* («Ала-Тоо»).

**АСУУ ас** этишинин кыймыл атоочу.

**АСФАЛЬТ** 1. Жол, тротуар куруууда жана өнөр жайларынын кээ бир тармактарында колдонулуучу кара күрөң түстүү зат. *Асфальт даярдоо. Асфальт кайнатуу.* 2. Ушундай зат менен капталган, төшөлгөн. *Автобустар элпек айдалып, Асфальттарда тынбай жүгүрөт* (Эралиев).

**АСФАЛЬТТА** Асфальт төшөө, асфальт жаткыруу. *Ош-Бишкек жолу асфальтталып бүткөн.*

**АСФАЛЬТТАЛ асфальтта** этишинин туюк мамилеси. *Асфальтталган жол менен машиналар зымыроодо.*

**АСФАЛЬТТАТ асфальтта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСФАЛЬТТОО асфальтта** этишинин кыймыл атоочу.

**АСЫЙ** Кыргыздардагы кара малдын (жылкы, уй, төө) жашын эсептөөнүн атайын ыгы. Төрт жаш куракка чейин ар бир жаштын өз аталышы бар: кулун, тай, кунан, бышты, же музоо, торпок, тай торпок ж.б., беш жаш курагында, асый же бир асый аталат. Андан нары ар бир жылда бирден сан кошулуп, бир асый, эки асый, үч асый ж.б. деп айтыла берет. *Эки-үч асый уйлардан* («Манас» С.О.). *Ал желмаян жарыктык Асыйы кыркка толуптур* («Манас» С.К.). *Асый чыкма Буурулду Жетелеп алган чагы экен* («Манас»). *Жаңы асыйда жашы бар, Багыштын аты Суркийик* («Эл адабияты»).

**АСЫЛ I** 1. Сапаты мыкты, кымбат баалуу. *Акыл жаштан чыгат, асыл таштан чыгат* (макал). *Асыл буюм. Демек, бул жердин топурагы асыл* («Ала-Тоо»). 2. Кымбаттуу, ардактуу. – *Оо, асыл досум! Бир атыңа тең боло аламбы* (Каимов). *Харитонов асыл киши экен* (Абдукаримов). *Асыл жүрөктүү бир канча адамдар жөнүндө биз мурунтан эле жеткирип айта жүргөн болсок...* (Айтматов). *Текшербей иштин асылын ошол чагында* (Эмилов). *Тигине жатат мелмилдеген асыл Фергана...* (Касымбеков).

**АСЫЛ II** Ийгилик, натыйжа, пайда, үзүр. *Аракет кылсаң, асылын көрөсүң.*

**АСЫЛ III** 1. **ас** этишинин туюк мамилеси. 2. Бирөөгө тийишүү, катылуу, жармашуу, уруш-чатакты башта. *Орусбек тынч жүргөн балдарга асылат* (Сыдыкбеков). *Ырчыны мээнет чырмаса, Бирине бири асылат* (Токтогул). *Арсыз душман жеңилди, Асылып сага тырмышкан* (Үсөнбаев). 3. Кандайдыр бир иш менен алек болуу, тырышып киришүү. *Сарымсаков асылып жатып аттын оозун ачып, тишин көрдү* (Байтемиров).

**АСЫЛ ЗААДА** Тектүү, теги асыл, бек заада, табиятынан мыкты.

**АСЫЛ ЗАТ асыл заада** менен бирдей.

**АСЫЛ ТУКУМ** Эти, сүтү, күчү ж.б. сапаттары боюнча жогору турган, асылдандырылган. *Сурадым: тиги жаткан кимдин малы? – Биздики, баары бирдей асыл тукум* (Үмөталиев).

**АСЫЛДАН** Сапаты жакшыруу, асыл, мыкты болуу (мис. тукуму). *Асылданган тукуму Азыркы күндө жылкы мал* (Үсөнбаев).

**АСЫЛДАНДЫР асылдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСЫЛДАНУУ асылдан** этишинин кыймыл атоочу.

**АСЫЛДЫК** Асыл сапат, асыл экендик. *Ал Тянь-Шань Асылдыгын билели* (Бөкөнбаев).

**АСЫЛКЕЧ** Кымбаттуу, ардактуу, асыл зат, артык көргөн. *Аяныш пас жан шерик, Асылкеч барсың жанымда* (Элебаев). *Асылкеч сени көрө албай, Арманың тартып өлөмбү?* (Осмонкул).

**АСЫЛНАРК** Жогору баалуу, эстетикалык талапка ылайыктуу. *Тагдыры татаал, илхамдуу инсанды туура баалап, жүрөгүн жүрөк менен көрүп, асылнарк эмгектерге пайдаланып, керектүү фактыларды жазып калтыруунун ордуна көзүн тазалоо*

*кыянаттыгы болду* (Турсунов).

**АСЫЛУУ I** Асылып, илинип турган, асылуу боюнча. *Кайнап турган жеринде, Казаны калды асылуу* («Жазгыч акындар»).

**АСЫЛУУ II асыл III** этишинин кыймыл атоочу.

**АСЫН ас** этишинин өздүк мамилеси. *Эшен менен энчилеш Калпа болот дечү эле, Аркасында асынган Калта болот дечү эле* (Токтогул). *Асынып ак куржунду айылчылап, айрыкча алсыздардын алын сурап* (Мамеев). *к.* **ас.**

**АСЫР** Доор, кылым, жүз жыл. *Нечен катар асырлар мурун алардын оозунан түшкөн асыл маани сөздөрдү ушул киши аркалуу кайра оозуна салып, бал шимүүр шимиген бала сыяктуу ширесине канды* (Касымбеков).

**АСЫРА** 1. Адамды, малды ж.б. багуу, күтүү, өстүрүү, тамактандыруу. *Малды кыштан аман асырап чыгуу. Эч душманга кор кылбай Элди асырап багабыз* («Курманбек»). 2. Башка бирөөнүн баласын бала кылып багып алуу. *Асырап багып чоңойттум, Айнектей жалгыз баланы* (Осмонкул). *Алар биздин Эрикти асырап алабыз дешет* (Убукеев).

**АСЫРАЛ асыра** этишинин туюк мамилеси.

**АСЫРАНДЫ** Багып алынган бала. *Ата уулу чоңойгон, асыранды каргадай* («Эл адабияты»). *Асыранды баланы айылчы катын чыгарат* (макал). *Ооба, менин асыранды кызым!* («Кыргызстан аялдары»). *Байдын асыранды баласы короонун ичинде турду* («Жомоктор»).

**АСЫРАТ асыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**АСЫРЕСЕ** *туурасы* **асиресе.**

**АСЫРОО асыра** этишинин кыймыл атоочу.

**АТ I** 1. Адамдардын туулганда энчиленип берилген ысмы. *Балага ат коюу. Атың ким? Атасынын атын сурадыңбы?* Айбандарга энчиленип коюлган аталыштар. *Жаман иттин аты – Кумайык, Жаман куштун аты – Буудайык* (макал). 2. Атак, даңк. *Атың чыкпаса, жер өрттө* (макал). *Баштагын балам, элирип, Аты чыккан Маманды* (Токтогул). 3. Энчиленген ысым катарында эмес, адамдардын же айбандардын белгилүү бир түрүн жалпылап атоо үчүн колдонулат. *Бээ туумайынча – байтал аты калбайт, катын туумайынча – келин аты калбайт* (макал). *Келген журттан көчө элек, Келин атың өчө элек* («Семетей»). *Көйрөң атка коносуң, Көрүп калган адамга* (Токтогул). 4. Жер-суунун, көчөнүн, шаардын ж.б. географиялык наамы; китептердин, газета-журналдардын, чыгармалардын энчилүү наамдары. *Кыштактын аты. Өзөндүн аты.*

**АТ I** 1. Үйүргө кошулбай турган (бычылган) жылкы. *Айгыр учунса ат болот, ат учунса эт болот* (макал). 2. Унаа катары колдонулуучу, минилүүчү жылкы. *Ат – эрдин канаты* (макал). *Ок өтпөс темир тону бар, Орошон күлүк аты бар* («Эр Табылды»).

**АТ II** 1. Мылтык, замбирек ж.б. куралдан ок, снаряд чыгаруу. *Мылтык ат. Ок ат. Замбирек ат.* Жогоркудай куралдардан ок чыгаруу аркылуу өлтүрүү же жарадар кылуу. *Мен жер үстүндөгү жез тумшуктардын баарын атып жок кылсам деп самачумун* (Сыдыкбеков). *Барпы эки-үч күндүн биринде эле мылтык алып тоого барат, же аткан эчтемеси жок* (Байтемиров). – *Бали, береги дөбөттү өпкөгө аткан экен* (Жантөшев). *Жан көрбөгөн аңдарды Атпай турган жер бекен* («Эр Төштүк»). 2. Бир нерсени карай ыргыт, ур; таамайлап шилте. *Чүкө ат. Ордо ат. Алымкул атып урган таш Тагайдын кулак түбүнө тийип, эси оой түштү* (Абдукаримов). 3. Күч менен атырылып чыгуу, жулкунуп чыгуу, оргуштап көтөрүлүү. *Каадасынча атып чыгып ителги, Кылчайганча таң каларлык иш болду* (Токомбаев), *Астынан атып булак ыргып чыккан* (Бөкөнбаев). 4. Зат атооч сөздөр менен айкалышып, кыймыл-аракеттин болуу абалын көрсөткөн жардамчы этиш катары колдонулат. *Таң атты. Тоңкочук атты. Чимирик атты. Аңкилдек атты. Бышкырык атты. Кошкурук атты.*

**АТ IV** *сүйл.* «Жат» деген көмөкчү этиштин кыскарган түрү. *Убакыт өтүп атат, эл согуштун ызгаарын унута баштады* (Айтматов).

**АТ АЙДООЧУ** 1. Арабага, чанага ж.б. чегилген атты тизгиндеген, айдаган адам. *Ушул шахтада ат айдоочу болуп көп жыл иштегемин* (Сасыкбаев). 2. Байгеге кошулган аттарды жерине чейин алып барып, коё берүүчү адам.

**АТ АРЫТУУ** Абдан алыс жол жүрүү, узак сапар тартуу. *Ат арытуу – арзан, журт арытмак – кымбат* (макал). *Алыска ат арытып кабар жиберишкенди тыйышсын* (Бердикеев). *Анын ага-туугандарын алыстыгына карабастан, ат арытып атайын сүйүнчүлөп чаптырган* (Бейшеналиев). **В.: Ат арытып, жол карытуу.** *Атайын ат арытып, жол карытып келгенинде кеп бар экен* (Бейшеналиев).

**АТ БАЙГЕЛҮҮ БОЛСУН** Ат чабышта ат ээсине, же ошол тарапта болгон кишилерге «жеңиштүү болгула» деген маанide айтылуучу тилек.

**АТ БОРОЮН СЫДЫРУУ** Ат арытып узак жол жүрүү, эч нерсесин калтырбай жер кыдыруу. *Ат бороюн сыдырып, Жердин баарын кыдырып* («Эр Төштүк»). *Ат бороюн сыдырып, Ай-ааламдын баарысын, Айланып*

*жүрүп кыдырып* («Манас»).

**АТ ЖАБДЫК** Ат токууга керектелүүчү жабдыктар.

**АТ ЖАБУУ** Ээрдин алдына тердиктин үстүнөн аттын соорусуна чейин жабылган, кооздолгон жабуу.

**АТ ЖАБУУ БОЛУУ** Күн бүркөлүп, бирок анчалык суук болбой, жел да жок болуп мемиреп туруу. *Күн ат жабуу болуп турат.*

**АТ ЖАЛЫН ТАРТУУ** Чоңоюу, эр жетүү, бойго жетүү. *Жытатай ат жалын тарткандан кудайдын кудуретине сыйынууну калтыра элек* (Осмоналиев). *Эс тартып, ат жалын тарткандан бери кара жанын карч уруп, иштеп келе жатат* (Саатов). *Мен багам, кор кылбайм, – дейт ат жалын тартып элге аралашкан Үрбүлүм.* (Бейшеналиев). **В.: Ат жалын тартып минүү.** *Ат жалын тартып минип, эл арасындагы окуяларга аралашып, жигит күтөт* (Осмоналиев). *Айланып элге жеткирип, Ат жалын тартып мингизген* («Семетей»). *Сиз экөөбүз бири-бирибизди ат жалын тартып мингенден бери билишебиз* (Каимов).

**АТ ЖАЛЫНА КАЗАН АСУУ** Жол жүрүп бара жатканда ала жүргөн азыгынан ат үстүндө тамактануу, өзөк жалгоо. – *Ат жалына казан ас, балам, – деди Жээренче чечен* («Кыргыз эл жомоктору»). *Тоолуктар ат жалына казан аскан эр жүрөк жоокер экенсиңер* (Бейшеналиев).

**АТ ЖАЛЫНАН ТАБУУ** Өзү мээнет кылбай, жан кыйнабай, жеңил-желпи жан багуу, бирөөлөрдүн эсебинен пайда көрүү. *Ат жалынан тапканга башынан көнүп калган Ыбыке Кытай жерине келгенде да жөн жатпай, Көк-Терек өрөөнүндөгү Эркесары тукумуна чыгым салыптыр* (Элебаев).

**АТ ЖЫГАЧТАЙ** Өтө арык, катыңкы. *Ата жыгачтай болгон бечара.*

**АТ КАРА ТИЛ БОЛГОНДО** Жаз өтүп, жайга айланып, жайлоонун чөбү жетилип, жылкы толук тоюнуп, шибердин чыктуу ширесине тили боёлуп карарган мезгил. *Эл өөдөлөп ошондо Жайлоого жаңы конгондо, Ат кара тил болгондо* («Манас», С.О.). *Ат кара тил болгондо, Бетеге өсүп толгондо Күлчорону көрүп ал* («Сейтек»). *Эң акыркы зыяратын да ошол угузган маалында, ат кара тил болгондо аш аты кылып ошол жерде өткөрүшту* (Касымбеков).

**АТ КЕСЕРДЕН** Аттын омуроосунан. *Күздүк ат кесерден болуп калган экен. Түздүн чөптөрү ат кесерден болуп калган мезгилде кайрылсын дептир* («Кыргызстан маданияты»).

**АТ КОНОК** Дан өсүмдүктөр тукумундагы көп жана бир жылдык эгилме өсүмдүк.

**АТ КОШЧУ** 1. *тар.* Мурунку кездеги сыйлуу жолоочунун же дөөлөттүү адамдын жанында жүрүп, анын өзүн жана атын тейлеп жүрүүчү адам. *Бугимовго ат кошчу болуп Максут ууру жөнөдү* (Сасыкбаев). 2. Офицердин жардамчысы, жанына алып жүргөн солдат, адъютант. 3. Бирөөнүн кызматын аткарган адам.

**АТ КОЮУ** 1. Аттын оозун коё берүү, чаап жөнөө. *Айылга жакындаганда ат койдук* (Элебаев). *Ат коюп шаарга кирип бардык* (Каралаев). 2. Чабуул жасоо, качырып сала берүү. *Таң кулан өөк болгондо жоону карай ат коюшту* («Ала-Тоо»).

**АТ КУЛАК** *а.ч.* Кымыздыктар тукумундагы бир жана көп жылдык өсүмдүк.

**АТ МАЙЫ** 1. Бирөөнүн атын убактылуу пайдалануу, убактылуу күчүн алуу. *Көкала атты сурады Минейин – деп, майыны* («Манас» С.О.). *Пейли жаман кишиден Аттын майын сурасаң, «Эртең кел» деп саалытат* (Осмонкул). 2. Аттын күчү акысы. *Ат майына бир жылкы сурап, бирөөнүн мыкты атын минип, арттан жөнөйт* (Осмоналиев).

**АТ САЛЫШУУ** Теңтайлашуу «ошого тетемин», «калышпаймын» деп күч сынашуу, жарышуу, мелдешүү. *Ал мени менен ат салышкандай абалга келе элек, тынч жүрсүн* («Чалкан»).

**АТ СООРУСУН САЛУУ** Артын карай качуу, чегинүү. *Ат соорусун салышат, Арыстандын кырк чоро, Кайра тартып жарышат* («Манас»).

**АТ ТЕЗЕГИН КУРГАТПАЙ** Арадан анчалык убакыт өткөрбөй, тез-тез, тынымсыз, дайыма. *Ошонун шарапатынан Кашгары ат тезегин кургатпай ай сайын келмейи парз* (Бейшеналиев). *Ат тезегин кургатпай Кейитип сени ыйлатпай Келип турам бу жайга* («Олжобай менен Кишимжан»). *Борборго ат тезегин кургатпай чакырыласыз* (Бейшеналиев). *Ат тезегин кургатпай каттаган куда-кудагыйлар быйыл келгенди коюшту* («Чалкан»). *Ат тезегин кургатпай эле эки күндүн биринде чапкылап келип турат* («Чалкан»).

**АТ ТЕРДЕТПЕЙ** Жан кейитпей, анчалык кыйналбай. – *Хах-ха-ха! Анда ат тердетпей үйдө жатып жан бага берет турбаймынбы!* (Касымбеков).

**АТ ТЕРИ КАЙТПОО** Эмгеги текке кетүү, куру убара болуу. *Атайын келгенге жараша ат тери кайтпай жаман болду.*

**АТ ТЕРИ КЫЛУУ** Бир аз гана, анча-мынча дыбыратып өтүү (жамгырга карата). – *Мына, – деди кубана, – биртке ат тери кылып өттү жайлоонун эрке булуту* (Касымбеков).

**АТ ТОКУУР** 1. Эркек бала. *Эмне төрөдү? Ат токуурбу же кырк жылкыбы?* 2. Атын токуп даярдап кызмат кылуучу киши, ат кошчу.

**АТ ҮСТҮНДӨ** Кара жумушка колу тийбеген, актив чалыш, кызматкер деген маа-

ниде. *Ал дайыма ат үстүндө жүргөн неме* (Кыдырмышев) . *Ал өлөр өлгүчө ат үстүндө жүрдү.*

**АТ ҮСТҮНӨН** Анчалык көңүл бөлбөй, эптеп-септеп, иши кылып, үстүртөн, кайдыгер гана. *Деги түрүнө караганда ат үстүнөн иштеп жүргөн жигит көрүнөт* («Кыргызстан маданияты»). *Мындай учурда алар тек гана кабыл алууга түшкөн арызды ат үстүнөн карашат. Бардыгына ат үстүнөн мамиле жасай баштадым* (Бердикеев). *Ат үстүнөн иштей салма оңой-олтоң, баасы жок жумуш деп ойлобо* («Чалкан»).

**АТ ҮСТҮНӨН ТҮШПӨӨ** *к.* **Ат үстүндө.**

**АТ ЧАБЫМ** 25–30 чакырым келген кыргыздын эски аралык өлчөмү. Мында күлүк аттардын алыс аралыкка чабылышы эске алынган. *Аяк – башы ат чабым.* («Манас» С.О.). *Айылдан узап бай Жакып, Ат чабым жерге барыптыр* («Манас»). *Алар бизди ат чабым жердеги Бишкек эмес, алыскы Мекеге узатчу кишидей камданып жатышкан экен* (Эшмамбетов). *Ат чабым жерден дүңгүрөгөн жашыл токойду айлана суу жээктей сугатчыларды кезиктирүүгө болот* (Бейшеналиев).

**АТ ЧАБЫШ** Аттардын күлүктүгүн сыноочу жарыш. *Оодарыш, күрөш, ат чабыш, Ойноду нечен баатырлар* (Осмонкул).

**АТА I** 1. Балалуу эркек (өзүнүн балдарына карата). – *Илгери менин атам да ушул кенде проходчик болуп иштөөчү эле* (Сасыкбаев). *Кыз атасы – Кулжыгач* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Жалпы эле улгайган эркектерге кайрылганда урматтоо иретинде айтылат. *Балбылдатып ата Ильичтин Чырактарын жагамын* (Бөкөнбаев). – *Ташбай ата, алмасы качан болот?* – *деди Динар* (Сыдыкбеков). 3. Мифтик түшүнүк боюнча үй айбандарынын колдоочусу. *Чолпон ата* (койдун колдоочусу). *Камбар ата* (жылкынын колдоочусу). *Чычаң ата* (эчкинин колдоочусу). *Ойсул ата* (төөнүн колдоочусу).

**АТА II** 1. Ат берүү, ысым коюу. *Ошондон бери ал жерди Кыз-Күйөө деп атап калышат.* 2. Атын, ысымын айтуу, атын айтып чакыруу. *Улам бир баланын атын атап, Нина Леонтьевна ага суроо жаңыртат* (Сыдыкбеков). *Фрунзе өскөн шаарым, сүйгөн калаам, Сагынсам атыңды атап канааттанам* (Осмонов). 3. Арноо, багыштоо. *Чоко жалгыз коюн баласына атап союп бардыгын чакырды* (Жантөшев). *Кысыр эмди кур тайдан Арбакка атап соёлук* («Эр Табылды»).

**АТА III** Каалоо, кубаттоо же өкүнүү, кейүү сыяктуу ички сезимди билдирүүдө колдонулат. *Ата, эр кулум ай, мөрөйдү алдың* (Бейшеналиев). *Ата, балам, сага жаман болгон экен!* («Чалкан»).

**АТА-БАБА** Түпкү тек. *Ата-бабасынан бери мал багуу менен күн көрүшөт* («Кыргыз руху»).

**АТА-БАЛАДАЙ** Бири ата катарында, бири бала катарында болуп кеткен сыяктуу абдан ынтымактуу, мамилелери жакын, бирин-бири сыйлашкан ынак. *Ары тууган, ата-баладай болуп калдык эле* (Жантөшев). *Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып, ата-баладай болуп жүрдүк* (Тоголок Молдо). *Ата-баладай болуп, колунан даам татып жакшылыгын көргөн адамдарга учурашуу дурус жышаан го* (Бейшеналиев ).

**АТА БЕЗЕР** Эч кимге баш ийбеген, өтө ээн баш. *Жалгыз бала деп көзүн карап жүрүп, ошондой ата безер болуп калбадыбы* («Ала-Тоо»).

**АТА БЕЙИТ** *тар.* Саясий репрессиядан курман болгон атуулдарга арналган мемориалдык комплекс.

**АТА-ЖОТО** Ата-баба, жети ата жана андан мурдагы түпкү ата-баба. *Анын ата-жотосун сен өлтүргөн жок элең го* (Бейшеналиев).

**АТА-ЖОТОСУНА ЖЕТҮҮ** Ата-бабасынан бери козгоп абдан катуу тилдөө, жер-жеберине жете сөгүү. *Төрөбектин адамдардын ата-жотосуна жетип, сай-сөөгүн сыздатканы деле басылар түрү көрүнбөйт* («Чалкан»).

**АТА-ЖУРТ** Ата-баба жердеген аймак. *Бадалдуу тескей салкың төр Сенин ата журтуң кыпчак эл* («Олжобай менен Кишимжан). *Ак кардуу тоону ээлеген Ата журтум кыргыз эл* (Токтогул). **В.: Ата конуш.** *Ал элдин бир замандан берки ата конушу* (Сыдыкбеков). *Бул болсо ата конушунан ажырап, баш-оту менен кирип бермек* (Ашымбаев). *Кол тийбес ыйык сакталат, Ата мекен журтубуз* (Тоголок Молдо). *Ата мекендин ардактуу уулдары. Мен, ата мекеним деп жүрөм!* 2. Эзелки конуш, байыркы турак, турган жер.

**АТА КОНУШ к. Ата журт.** *Ал элдин бир замандан берки ата конушу* (Сыдыкбеков).

**АТА МЕКЕН ата журт** менен бирдей.

**АТА НАРКЫ** Мурдатан, ата-бабадан калган үрп-адат, каада-салт. *Ата наркы кана?* (Турусбеков). *Ата наркын унутпоого тийишпиз.* **В.: Ата салты.** *Кардуу айдыңда канындагы ата салтын коё бербеген Борондуу Каранар тандап бөлүп алган иңгендерин тап жылдырбайт* (Айтматов).

**АТА САКАЛ ЭЭГИНЕ БҮТҮҮ** Жаштык курактан өтүү, көпчүлүк «ата» деп кайрылган, токтолгон куракка жетүү. *Алар ата сакал ээгине бүтүп калган адамдар болуучу. Эми ушул ата сакалы ээгиңерге бүткүчө жаңжалдашып жүргөнүңөр жакшы эмес* (Бердикеев). *Бала, баланын иши чала, мына, ата сакалы ээгине бүтүп, азамат болот деген уулдарыбыздын кылганы* (Аба-

киров).

**АТА САЛТЫ** *к.* **Ата наркы.**

**АТА ТАЯГЫН КАРМОО** Ата-бабанын салтын улантуу, ата жолун жолдоо. *Ата таягын бала кармады, ата кечкен сууну бала кечти* (Осмоналиев).

**АТА УУЛУ** Бир атадан тарагандардын өкүлү маанисинде. Ата уулу уруу түзүлүшүндөгү топтордун эң майдасы. Адатта, бир атадан тараган адамдардын бир нече муунун эки-үчтөн, 5–6 чейин ичине камтып, үч-төрттөн тартып, 10–15 түтүндөн (*к.* **түтүн**) турат. *Ата уулудан калганы.* («Манас» С.О.).

**АТА-ЭНЕ** Ата менен эне; үй-бүлө башчылары. – *Ата-энеңе эмне айтайын? – Салам* (Акматов).

**АТАА ата I** менен бирдей. – *Мейли мусулмандар, бул жер корук жер, мейли, бүгүнчө калгыла, а эртең кудай атаа кылган багытка кетерсиңер а? – деди* (Касымбеков).

**АТАА ата II** менен бирдей. *Алаканда ойноор элең кылтылдап, Атаа, сенин сымап болбой калганың...* (Сарногоев).

**АТААНДАШ** 1. Жарышуу, теңтайлашуу, таймаш, калышпоого аракет кылган абал. *Атаандашып деле кыйын окушат* (Бейшеналиев). *Айылда жаштайынан бирге өскөн Марзия менен Канийпа аябай атаандаша турган* (Абдумомунов). 2. Эрегишкендик, кастык маанайдагы теңтайлашуу, таймашуу.

**АТААНДАШТЫК** 1. Тең жарышуучулук, эрегишүүчүлүк. **Эки тараптын ортосунда атаандашуучулук күч алды.** 2. *экон.* Товар өндүрүп чыгаруучулардын ортосундагы өзүнүн кызыкчылыктарын канааттандыруу, товарларды сатуу, бир кыйла жогорку пайда алуу үчүн болгон экономикалык таймаш, жарыш.

**АТААНДАШТЫР атаандаш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТААНДАШУУ атаандаш II** этишинин кыймыл атоочу. *Эки күчтүү державанын атаандашуусу процессинде маңкурттун башындагы ширинин космостук кырчоого айланган түрү...* (Борбугулов).

**АТАВИЗМ** *биол.* Адамда, айбанда жана өсүмдүктөрдө алардын эзелки кездеги ата-бабаларына таандык белгилердин пайда болушу.

**АТАГАНАТ** Өкүнгөндүктү, кейигендикти, кээде кубанууну билдирүүдө колдонулат. *Атаганат, бул Сыргак Манаска тете бар экен* («Манас»). *Атаганат, жакшы тамак болгон тура* («Ала-Тоо»).

**АТАГЫ ЖЕР ЖАРУУ** Элге катуу таанылуу, атагы чыгуу, аябай белгилүү болуу (жакшы же жаман жактары менен). *Атагы жер жарган нечен мыкты чеберлерибиз, баатырларыбыз бар* («Ленинчил жаш»). *Самогон «оорусуна» жипсиз байланышып, атагы жер жарып отурат* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Атагы таш жаруу.** *Менин элге таанылып, атагым таш жарар мезгил келген экен го* (Каимов). *Атаганат ошо киши чоң билим алган болсо, анда атагы таш жарган жазуучу чыкпайт беле, чиркин дүйнө* (Жигитов). **Даңкы жер жаруу.** *Сиздин даңкыңыз кезегинде жер жарган* (Сыдыкбеков). **Даңкы таш жаруу.** *Райондо май талкандуу кызматта иштеп дуулдап, доор сүрүп, даңкым таш жарып турган кезде ушул шаарга далай жолу келгенмин* («Ала-Тоо»).

**АТАЙЛАП атайылап** менен бирдей. *Эки акыл азуусуна атайлап алтын каптаткан экен* (Байтемиров). *Атайлап тиги отурган Мыскалды уксун деген эле* (Сыдыкбеков).

**АТАЙЛОО атайла** этишинин кыймыл атоочу.

**АТАЙЫ** Белгилүү бир максат менен, белгилүү бир иш боюнча. *Кетип бараткан Жылдызканды атайы токтотуп алды* (Байтемиров). *Сөздү башкага бургусу келген Шамбет үнүн атайы бек-бек чыгарды* (Сыдыкбеков).

**АТАЙЫ ОКУУ ЖАЙЫ** Техниканын, усталыктын же искусствонун ж.б. кандайдыр бир айрым тармагына тиешелүү окуу жайы. *Канымгүл музыкалык атайы окуу жайын деле бүткөн эмес* («Кыргызстан аялдары»).

**АТАЙЫЛАП** Атайын максат менен, кокусунан эмес. *Атайылап сага алып келдим. Жакшылап багып мин* (Бейшеналиев). *Атайылап мында келем мен эчен* (Эралиев). *Тирүү жандыкты атайылап өлтүрүү лама дининде эң чоң күнөө* (Акматов)

**АТАЙЫН атайы** менен бирдей. *Атайын кабарчы.*

**АТАК** 1. Даңк. *Атак – эмгекте. Биз атакты ошону менен гана чыгарабыз* (Сыдыкбеков). *Атагың чыкты белгилүү Кыргыз элден, Токтогул* (Барпы). 2. Наам, ат. *Сынчы деп бул адамга атак конгон* (Тоголок Молдо). *Жүз бээден алып жүз кулун Баатыр деп атак коюптур* (Үсөнбаев). *Энеси өлгөн жетим деп, Кем атакка калыптыр* (Тоголок Молдо).

**АТАКА** Чабуул. *Атакада солдат кетип бараткан* Эралиев). *Душманга атака коюу. Атакага кирүү. Атаканы кайтаруу.*

**АТАКАЛА** Атака коюу, атакага кирүү, чабуулга өтүү. *Атакалап биз да кирдик. Аттар чуркайт атырылып* (Токомбаев).

**АТАКАЛОО атакала** этишинин кыймыл атоочу.

**АТАКЕ** Атасына жалбаруу же атасын урматтоо иретинде айтылат. – *Айланайын атаке, Алдыңда турган Сыргамын* (Бөкөнбаев). *Эл үчүн каза таап жоо огунан, Бүкөн-*

*дүн атакеси кайтпай калган* (Осмонов).

**АТАКЕЛЕ** Атага сый-урмат менен мамиле кылуу, эркелеп кайра-кайра «атаке» деп айтуу. *Ата жытын көрбөгөн, Атакелеп эркелеп Астында ойноп жүрбөгөн* («Сейтек»), *Атакелеп, ой-боюна койбой сурана берди* («Ала-Тоо»).

**АТАКЕЛЕТ атакеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТАКЕЛӨӨ атакеле** этишинин кыймыл атоочу.

**АТАКЕЧ** Чочугандык, таң калгандык сезимин билдирүү үчүн колдонулат. – *Атакеч, ээй, муну көр* («Ала-Тоо»).

**АТАКТУУ** Атагы чыккан, даңктуу, элге кеңири белгилүү. *Ар-намысын бербеген, Атактуу орус шер менен* (Үмөталиев). *Конушу тегиз, жайыты кенен, абасы салкын, атактуу Муз-Төр ушул* (Каимов).

**АТАЛ ата II** этишинин туюк мамилеси. *Сынчы атала баштаган адам.*

**АТАЛА I** 1. Ун же талкандан жасалган жарма. *Алымдардыкынан атала ичермин* (Жантөшев). *Сүйбөгөнгө суюк атала берет* (макал). 2. Тартылган арпа, жүгөрүдөн кайнатып бышырылган малга берилүүчү тоют.

**АТАЛА II** *диал.* Аталгы.

**АТАЛА III** «Ата» деп кайра-кайра айта берүү атага сыйлуу мамиле кылуу. *Адамда жыргал эмеспи Аталап турса балдарың* (Токтогул). *Башыңды көтөргөнчө балаң келип аталап турса, анан кайда барасың* (Сталиев).

**АТАЛА БАШ** *этн.* Атала куюлган чаранын түбүнө тыйын коюп, аны башын салып тиштеп чыккан кишиге байге бере турган эски оюн.

**АТАЛАТ атала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТАЛАШ** 1. Атасы бир, энеси башка (бир туугандык жакындык боюнча). *Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө бол* (макал). *Дубандын шаарда туруучу аталаш эжеси – Алтын* («Ала-Тоо»). 2. Бир атадан тараган же аталарынын ага-инилик туугандыгы бар (жалпы туугандык жакындык боюнча). *Ал сенин аталаш тууганың го* (Байтемиров). *Биздин аталаш туугандарыбыз болгондуктан, жакынсыган тууганыбыз – Кулу калпа* (Жантөшев).

**АТАЛГА** *туурасы:* **аталгы.**

**АТАЛГЫ** 1. Ич жаккы мизи жарым тегерек формада болуп, көбүнчө ээр, аяк чабуу үчүн колдонулуучу керки. *Колундагы аталгы ыргып кетип, тигинин бутуна тийди* (Байтемиров). 2. Бозо сүзүүдө колдонулуучу жумуру саптуу, башына кичинекей туура жыгач аштаган курал.

**АТАЛОО атала** этишинин кыймыл атоочу.

**АТАЛУУ I** Атасы бар. *Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим* (макал).

**АТАЛУУ II ата II** этишинин кыймыл атоочу.

**АТАЛЫК** 1. **ата** дегенге таандык. *Аталык мээрим менен кат аркылуу, Кучактап маңдайынан өөп алам* (Абдыраманов). *Аталык милдетимен кутулайын деп, сени үйлөндүрдүм* («Ала-Тоо»). 2. *тар.* Орто Азияда болгон феодалдык хандыктын жогорку мансаптуу өкүлдөрүнүн бири. *Бул Мусулманкул аталык эмеспи* (Касымбеков). 3. *бот.* Өсүмдүктүн эркектик мүчөсү.

**АТАМ ЗАМАН** Илгерки заман, байыркы мезгил, мурдагы заман. *Кара ниеттик менен ак ниеттик атам замандан бери кармашып келе жатыптыр* (Бердикеев). *Ошол Ак-Белге келип такалган мелтилдеген боз атам замандан соко тиши тие элек* (Өмүрбаев). *Бул илгери атам заманда болгон окуя экен* («Ала-Тоо»). *Атам замандан бери кербенчилердин конушубу: ичитышы үнөм от жагып тургандай капкара көө* (Элебаев). **В.: Жер заманда.** *Алар жер замандагы адамдар. Жер заманда болгон иш.*

**АТАМА** Бир нерсенин аты, аталышы, наамы. *Географиялык атамалар.*

**АТАМАН** 1. *тар.* Революцияга чейинки Россияда: казак-орус аскерлеринде жана кыштактарында дайындалуучу же шайлануучу начальник. *Станица атаманы.* Атаман *Дутовдун армиясы* (Сасыкбаев). 2. Башчы, жетекчи. *Каракчылардын атаманы.*

**АТАМУРАС** Атадан балага калган дүнүйө-мүлк, так-таажы. *Султанзаада болгон соң атамурасын талашпай, көр оокаттын артынан коңулда калган намыс* (Касымбеков).

**АТАН I ата II** этишинин өздүк мамилеси. *Бала баатыр атанды* («Курманбек»). *Өзү кашаң, карыган, Кыйды кара атанган Чоң кара атты мингизди* («Семетей»).

**АТАН II** Бычылган, жүк жүктөөгө ж.б. жумуштарды аткарууга ылайыкталган төө. *Жети атан комдотуп.* («Семетей» С.К.). *Карга бий атына минип, небересин алдына салып, атандын буйласын өзү жетеледи* (Осмоналиев). *Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот* (макал). *Жүктөөрүңө болсун деп Комдолуу атан төө келди* («Эл адабияты»).

**АТАНГАН** Атагы чыккан, атыккан, элге белгилүү болгон. *Атанган кумарчылардын колуна түшүп калба* («Ала-Тоо»). *Атанган мергендин бири эле го* («Чалкан»). *Калп менен чынды жоруган, Атангандан болбогун* (Барпы).

**АТАНТ атан II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТАНТАЙ** Барып турган март адам.

**АТАНУУ атан II** этишинин кыймыл

атоочу.

**АТАНЫ АРМАН** Өкүнгөндү, кейигенди билдирүү маанисинде айтылат. *Атаны арман карылык, Алтымыш жашап карыдык* (Токтогул). *Атаны арман ай, Азабы аз эмес ар иштин Ар кандай* (Осмонкул). **В.: Атаны кокуй.** *Атаны кокуй жашчылык.*

**АТАНЫН БАЛАСЫ** Атасын сөзгө калтырбай турган, намыска жараган, өнөрлүү, өтүмдүү жигит. *Атанын баласы экенсиң, Баке, сага миң мертебе ыракмат* (Байтемиров). **В.: Атанын уулу.** *О-о, бул атанын уулу тура!*

**АТАҢА НААЛАТ** Чекилик иши, айыбы үчүн бирөөгө карата наараазылыгын билдирүү иретинде айтылчу сөз. *Атаңа наалат, ит бөрү, Ажалдан мурда өлтүрдү* (Барпы).

**АТАҢДЫН БАШЫ** Тилдөө, кагуу, наалат айтуу маанисинде колдонулат. – *Атаңдын башы, – дейт Сабыр эми биротоло жанына күч келе чаңырып кирет* (Медетов). – *Атаңдын башы! дедим, – дейт кубурөп. – Сен билгенди мен билбей туруптурмунбу?..* («Кыргызстан маданияты»).

**АТАҢДЫН КАНЫН ИЧ** Катуу тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат. *Аздык кылып баратса, Атаңдын канын кошо ичкин* («Манас»). **В.: Атаңдын этин жегир!** – *Атаңдын этин жегир, карыганча кызганганын койбойт экен го бул* («Кыргызстан маданияты»).

**АТАҢДЫН КӨРҮ** Абдан өкүнүү, наараазы болуу, жактырбоо маанисинде колдонулат. – *Атаңдын көрү! Эл деген тууган-уругу менен бириге калып тамды алеки-саатта бүтүп ала коюп жатышат* («Ала-Тоо»). – *Атаңдын көрү! – деп кош колдоп өз санын өзү аткып-ат-кып алып, шалдырап олтура кетти* (Медетов). *Атаңдын көрү шум дүйнө, Билип калган турбайбы* («Мендирман»).

**АТАҢДЫН ООЗУНАЧАЙЫН** *сүйл.* Балдарды эркелетип тилдеген сөз. *«Атаңды ноозуначайын, чапчаң чыгып калабы?» – деди* (Станалиев).

**АТАП АЙТКАНДА** Ачыгыраак айтканда, ачыгын айтканда, белгилей көрсөткөндө.

**АТАРМАН** Мыкты аткыч, мерген; көзгө атар. *Атармандар бөлүнүп, Алдына түшүү атмакка* («Семетей»).

**АТАСЫЗ** Атасы жок: *Атасыз калуу. Атасыз балдар.* Атасы жок төрөлгөн, атасы ким экени белгисиз. *Атасыз уул – жетесиз* (макал).

**АТАСЫН КӨЗҮНӨ КӨРСӨТҮҮ** *к.* **акесин таанытуу.**

**АТАСЫН ОКУТУУ** *к.* **Акесин таанытуу.**

**АТАСЫН ТААНЫТУУ** *же* **АКЕСИН ТААНЫТУУ** 1. Сазайын колуна берүү, көргүлүгүн көрсөтүү, эси-көөнүнөн калгыс кылуу. – *Токто, атаңды таанытам! – Эргештин өңү кубулуп, тишине тишин коюп жете келди* (Мияшев). *Тапанчасын кара иттин! Ошонусу болбогондо, акесин таанытмак элем* (Байтемиров). 2. Бирдемени көркүнө чыгаруу, шаанисин келтирүү. *Тамашанын атасын таанытчу* («Чалкан»).

**АТАСЫНЫН АКЫСЫ КАЛБОО** Армансыз болуу, доомат кылар, талап коёр жагдайы болбоо. *Атаңдын акысы да калбады окшойт, өмүрүң өткүчө ушу тоолорду армансыз кыдырдың* (Борбиев).

**АТАСЫНЫН КУНУН АЛУУ** Баасынан ашырып алуу, өтө кымбатка түшүрүү.

**АТАТ ата II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТАШ** Антташуу, шерттешүү. *Эр Семетей баатырың Аташып алган Чачыкей* («Семетей»).

**АТАШ КҮРӨК** От көсөгүч, чок алгыч кыпчуур. *Каным селт этип, от ичкериштирип отурган темир аташ күрөгүн кармай, ордунан тура калды* (Касымбеков).

**АТАШКАН** Антташкан, шерттешкен. *Ак сарайга конуп бер, балам! Аташкан жар болуп бер, балам!* («Эр Төштүк»).

**АТАШТЫР аташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТАШУУ аташ** этишинин кыймыл атоочу.

**АТБОРОЙ // АПТОРОЙ** 1. Бүткүл жер, бети, төгөрөктүн төрт бурчу *Атбороюн сыдыртып, Дүйнө жүзүн чалчу экен* («Манас»). *Атборойго салды эле* («Семетей» С.К.). 2. Далай жерди, далай чөлкөмдү кыдырып деген мааниде. *Улуу кол башчы ат бороюн салдырып, алыскы аймактардан келатканда тууну сыймыктана карап кала турган* (Субанбеков).

**АТЕИЗМ** Кудайды жокко чыгаруучулук, динге ишенбөөчүлүк, Кудайсыздык.

**АТЕИСТ** Атеизмди жактоочу. *Мурда, жогорку окуу жайларында атайы атеисттерди даярдаган кафедралар болор эле.*

**АТЕИСТТИК атеист** дегенге таандык. *Жер-жерлерге атеисттик пропаганда жүргүзүү иштери азыр токтогон.*

**АТЕЛЬЕ** Кардарлардын жекече белендемелери (заказдары) боюнча иштөөчү сүрөтчү, айкелчи, кийим тигүүчү өнөркана, ишкана.

**АТЕРОСКЛЕРОЗ** *мед.* Жүрөк кан тамырларынын оорусу; артериосклероз оорусунун бир кыйла кеңири таралган формасы.

**АТИЛЕС** Жибек кездеменин бир түрү. *Берметти ала турган соң беренжиден беш кабат, атилестен алты кабат калың төшөк салган менен таң жакында атпай турат* («Эл адабияты»). *Атилес көйнөк шоодурап, Айнектей көзү жоодурап* («Манас»). *Атилес көйнөк кийгениң, Ак алтын сенин сүйгөнүң* (Байзаков).

**АТИМБҮ** Бүбү, ырым-жырымдарды жасай билген аял.

**АТИРЕТ** Отряд. – *Жараткан Алла! Абыш-*

*калардын тилегин зая кетирбе! Атирет балдарыбыздын жолун ач!* (Касымбеков).

**АТКА ЖЕҢИЛ, ТАЙГА ЧАК** 1. Жеңил желпи, эптүү, элпек, тил алчаак. *Эргешбай элпек, атка жеңил, тайга чак* (Борбиев). *Атка жеңил, тайга чак Күлүктүгү бар экен* («Эр Төштүк»). *Атка жеңил, тайга чак, Жел жетпес Маамыты Бул жолу куру калды эми* («Эр Төштүк»). *Булардын атка жеңил, тайга чагы эле мен болуп турам* («Чалкан»). 2. Бат эле кепке алына коймо, баркы жок, жеңил баа. *Мени атка жеңил, тайга чак кыла бересиңерби?*

**АТКА КОНУУ** Адамдын мүнөзүнө, сырткы көрүнүшүнө ж.б. жараша тамашалап, шылдыңдап ж.б. коюлган наам. *Акундун кызы Айчүрөк, Кандай атка коном деп* («Семетей»). *Келгенине жыл айланбай жатып Шамал деген атка конду* («Чалкан»). *Сыналып айдай жарык эмгегинен, Ардактап эл айтуучу атка консо* (Маликов).

**АТКА МИНГЕНДЕ ЭЛЕ КЫЙШЫК ОТУРУУ** А дегенде, баштаганда, эле иши оң эмес эле, башын туура эмес баштаган, мурунтан кыйчалыш эле. *Атка мингенде эле кыйшык отурган, көп узай алган жок* («Ала-Тоо»). **В.: Аттанганда эле көчүгү кыйшык эле.** *Бул бечаранын аттанганда эле көчүгү кыйшык эле, иши оңолбой калган тура* («Чалкан»).

**АТКА МИНЕР** 1. Октябрь революциясына чейинки мезгилде өзүндө бийлиги жок, бийболуштун жан-жөкөрү. 2. Колунда анчамынча бийлиги бар майда актив. *«Кошчу» уюму атка минер арамза куулар менен күрөшүп жатат* («Эркин Тоо»). *Анткени, мурунку ячейканы атка минер шылуундун баласы деп ячейкалыгынан түшүрүп койгонбуз* (Жантөшев). *Элет оторлоруна салынган оор салык атка минерлердин короктоп ак падышанын атынан опузалап демитүүсү, зордугу менен артылууда* (Бейшеналиев). *Башка уруулардын атка минерлери чыгым салышып, букара менен лекторду ич ара кайраштыра бериштi* (Ш.Үмөталиев). *Мен эмне силерге окшоп атка минер, жатып ичер белем?* (Абдукаимов).

**АТКАЗ аткар** менен бирдей. *Короодогу токулуу атты жетелеп чыгып, атказып койду* (Каимов).

**АТКАН ОКТОЙ** Тез, ылдам, бат. *Аткан октой машинаң, Зуулдап кетип баратат* («Ала-Тоо»).

**АТКАНА** Ат багылуучу сарай. *Атканада миң тулпар Алардан тандап минсин де* («Эр Төштүк»).

**АТКАНАЧЫ** Атканананы карап турган киши, ат багар. *Атканачы болуп да иштегем.*

**АТКАР I** 1. Колтуктан жөлөп атка мингизүү, аттандырып узатуу. *Аткарып досун колтуктап* («Эр Табылды»). 2. Бир жакка жөнөтүү, жиберүү. *Абыкени баш кылып, Алтымыш мерген аткарып* («Манас»). *Колдун баарын аткарып, Коштоосуна ат алып* («Эр Табылды»). *Ал менин жалгыз уулум болчу. Мен аны чоң согушта жоого аткаргам* (Үмөталиев). Кызды күйөөгө узатуу, үйдөн чыгарып жөнөтүү. *Аткарды Абдыракман кызын дешип, Айтышкан эчак эле уккан, билген* (Үмөталиев).

**АТКАР II** Иш жүзүнө ашыруу, орундатуу, иштөө. *Ашыр тапшырманы ак ниеттүүлүк менен аткарчу* (Сасыкбаев). *Дмитрий абышка беш нормадан аткарат* (Сыдыкбеков). *Эки жолу Абдылда Ракыяны сүйгөн жигит болуп роль аткарган* (Байтемиров).

**АТКАРТ аткар** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТКАРУУ аткар** этишинин кыймыл атоочу.

**АТКАРУУЧУ** Кандайдыр бир иштi орундатуучу, иштөөчү. *Актер – роль аткаруучу киши. Аскердик милдетти аткаруучу.*

**АТКАРУУЧУ БИЙЛИК** *саяс.* Мамлекеттик бийликтин бир бутагы. Адам укугунун жана эркиндигинин корголушун, аракеттеги мыйзамдардын аткарылышын, мамлекеттик ички жана тышкы ишмердигин уюштуруп жана багыттап турат.

**АТКАРЫЛ аткар** этишинин туюк мамилеси.

**АТКАРЫЛУУЧУ** Кимдир бирөөлөрдүн аткаруусунда иш жүзүнө ашырылуучу. *Элдик оюндар, каада-салт, ырым-жырым, аш-тойлордо аткарылуучу оюн-тамашалардан театрдын көп элементтерин көрөбүз* (Борбугулов). Мугалим аткарылуучу тапшырма боюнча алдын-ала түшүндүрмө берди.

**АТКЕЗ** 1. Уруксат кылынбаган товарларды башка мамлекеттин чегине жашырын алып өтүү, контрабанда. 2. Жашырын алып келинген товрлар. *Бул аймак чек ара, а жашырын алып өтсө аткезчилик болот* (Касымбеков).

**АТКЕЗЧИ** Илгери апийим менен жашыруун соода кылган адам. *Чек ара бузган аткезчилер да болгон.*

**АТКЕЧ** *диал.* Ат менен жүк ташуучу киши.

**АТКУУ аткы II** этишинин кыймыл атоочу.

**АТКУУР** Ашкана буюму, бышып жаткан этти оодарууда колдонулат (Акматалиев).

**АТКЫ I** Чеңгел менен апчып кармоо, апчып алуу. *Бала мага жакындай түшүп, бетимден аткып алчудай тикирейип келди* (Элебаев). *Бетин колу менен аткып алды эле, шуушундөп кан кетти* (Байтемиров).

**АТКЫ II** *аңч.* Алгыр куштарды, бүркүттү салар алдында ичин тазалоо үчүн жемсөөсүнө туздуу суу куюучу жорунун жилиги

же жыгачтан жасалган түтүк.

**АТКЫДАЙ** Өңү серт, семиз. *Аткыдай киши.*

**АТКЫЙ** Өңү серт, семиз көрүнүштө болуу. *Эшикте отургандардын ичинен аткыйган кара неме ордунан тура жөнөдү* («Ала-Тоо»).

**АТКЫЙТ аткый** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТКЫЛА I** Тынымсыз ата бер; бир нече жолу удаа-удаа атуу. *Тапанча менен бир нече жолу удаа-удаа аткылады* (Жантөшев). *Немецтер күчөп аткылап кирди* (Абдукаимов),

**АТКЫЛА II** Чеңгел менен аткып-аткып кармагылоо, кайра-кайра аткып жулуп алуу. *Кымбат суу куюлган унду салааларын кенен ачып, ачуусу менен аткылай баштады* (Осмоналиев).

**АТКЫЛА III** Кыраан куштардын (бүркүттүн) жемсөөсүн аткы менен тазалоо.

**АТКЫЛАТ аткыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТКЫЛОО I аткыла** этишинин кыймыл атоочу. *Аткылоо күч алды.*

**АТКЫЛОО II аткыла** этишинин кыймыл атоочу. *Мыкчып-мыкчып аткылоо.*

**АТКЫТ аткы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТКЫЧ** Ата билген, мыкты аткан. *Таамай аткыч. Аткычтар бөлүгү.*

**АТКЫЮУ аткый** этишинин кыймыл атоочу.

**АТЛАС I атилес** менен бирдей.

**АТЛАС II** 1. Географиялык карталардын жыйнагы. *Дүйнөнүн атласы.* 2. Таблицалар, сүрөттөр, чиймелер ж.б. топтолгон жыйнак. *Анатомиялык атлас. Ботаникалык атлас.*

**АТЛЕТ** 1. Күч колдонуу көнүгүүлөрүн жасоочу цирктин артисти же спортсмен. Чың денелүү, алибеттүү, күчтүү адам. 2. Атлетика менен иришүүчү спортсмен.

**АТЛЕТИКА** Шамдагайлыкка, күчтүү, чыдамкай болууга үйрөтүүчү гимнастикалык машыгуулардын жыйындысы. *Оор атлетика. Жеңил атлетика.*

**АТМОСФЕРА** 1. *астр.* Жерди жана кээ бир башка планеталарды чулгап турган газ сымал катмар. 2. *сүйл.* Аба. 3. *өт.* Айланадагы, шарт, чөйрөнүн абалы. *Ишке тоскоолдук кыла турган кыйын атмосфера түзүлбөсүн.* 4. Газдын басымын өлчөөдө колдонулуучу бирдик.

**АТМОСФЕРАЛЫК атмосфера** дегенге таандык. *Атмосфералык басым.*

**АТОМ** Химиялык элементтин ядро жана электрондон турган эң эле майда бөлүкчөсү. *Атомдун заряды. Атом энергиясы.*

**АТОМДУК атом** дегенге таандык. *Атомдук энергия. Атомдук салмак.* Атом энергиясын пайдаланууга байланышкан. *Атомдук электростанция. Атомдук бомба. Жасашып атомдук куралды, Желдетке айлантты кенди да* (Байзаков).

**АТОМИЗМ атомистика** менен бирдей.

**АТОМИСТИКА** Материя өтө кичине бөлүкчөлөрдөн – атомдон турат деп тааныган материянын түзүлүшү жөнүндөгү илим.

**АТОМИСТИКАЛЫК атомистика** дегенге таандык. *Атомистикалык теория.*

**АТОМЧУ** 1. Атом энергиясы боюнча адис. 2. Атом куралын колдонууну жактоочу.

**АТОО ата II** этишинин кыймыл атоочу.

**АТООЧ** Заттардын, нерселердин, кубулуштардын атын, санын, касиеттерин атап билдирүүчү сөздөр. *Зат атооч. Ат атооч. Сын атооч.*

**АТПАЙ** Бүткүл, бардык, жалпы эл, кол. *Атпай каапыр чогулуп* («Манас» С.О.). *Мажилиске жыйылган Атпай кыргыз балдары* («Манас» С.О.). *Атпай кыргыз көп тууган Эл сеники, Семетей!* («Семетей»). *Атпай журттун ичинде, Ардактуу катын көп экен* (Тоголок Молдо).

**АТРАП** *диал.* Айлана, тегерек. *Сарыбай эки көзүн жүлжүйтүп, кубанып көк тиктеп, кайсаңдап атрабын карanып* (Касымбеков).

**АТРИБУТ** 1. *филос.* Предметтин же кубулуштун кокусунан пайда боло калган же өтмө абалына карама-каршы келүүчү өтө зарыл болгон, маанилүү жана ажырагыс касиети, мүнөздүү белгиси. *Кыймыл – материянын атрибуту.* 2. *грамм.* Айкындооч.

**АТРОФИЯ** *биол. мед.* Оргaндын же ткандын клеткаларынын азыктанышы бузулушунан же көпкө чейин кыймылсыз болушунан улам алардын шал же сенек болуп калышы же кичирейип кетиши.

**АТТА** 1. Кадамды кере шилтөө, кере шилтеп басуу. *Акман эми салмак менен аттап, безилдеген Какылдакка утурлады* (Сыдыкбеков). *Бугудай мойнун бурады, Бурулбай аттап чуркады* («Эр Төштүк»). 2. Бир нерсенин үстүнөн (мис. арыктан) арыштап өтүү, арыштап секирүү. *Кырсык болсо, арык аттабай бут сынат* (Сыдыкбеков). *Рельстен рельсти аттап, бир киши келе жатты* (Сасыкбаев).

**АТТА II: кош аттап** Эки ат менен, эки атты алмак-салмак минүү. *Мени кош аттап докторго алып келишет* (Жантөшев). *Кош аттап куусаң карганда, Балам, колуңа тийбейт жаш чагың* (Токтогул).

**АТТАМ** Арыштапченелген аралык, узундук. *Бир аттам жер. Эки аттам жерге баса албай энтигип калды.*

**АТТАМА УЙКАШ** *адаб.* Биринчи сап менен үчүнчү, экинчи сап менен төртүнчү сап үндөштүктү түзгөн уйкаштык. *Тирүүлөй кеткичекти жоо колуна, Ажалдын ачуу тузун таткан жакшы. Душмандын чыдагыча кордугуна, Мекендин турпагында жаткан жакшы!* (Үмөталиев).

**АТТАМАК I** Агын суунун аттап өтүүгө мүмкүн болгон кууш жери. *Силер аттаган аттамактан мен деле аттайм* (Сыдыкбеков).

**АТТАМАК II аттоо** менен бирдей. *Басып алмак бар деген, Баш аттамак жок деген* («Манас»).

**АТТАН** 1. Атка минүү. *Кырк жигитке сыр бербей, Эр Курманбек аттанды* («Курманбек»). *Кулсар аттанган жатып, чоң жолдун боюна токтогон машинаны көрдү* («Кыргызстан аялдары»). 2. Бир жакка карай жөнөө, жолго чыгуу, жолго камынуу. *Айткын Салык, балдар үйүңөн качан аттанды эле?* (Каимов). *Уландар казатка аттаныштты* (Сыдыкбеков). 3. Кандайдыр бир ишке бет алып чыгуу, көздөгөн максатка жетүүгө, аткарууга киришүү. *Зулум кулактар менен салгылашууга аялдар да биз менен бирге аттаныштты* (Бектенов).

**АТТАН аттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТТАН ООП ТҮШҮҮ** Абдан көңүлдөнүп, өтө берилип, ынтызарлануу. *Ал кымыз дегенде аттан ооп түшөт* («Ала-Тоо»).

**АТТАН-ТӨӨДӨН ТҮШКӨНДӨЙ** Орой, олдоксон, осол, эпсиз. *Улуу-кичүү алдында бирдемени аттан-төөдөн түшкөндөй дүңк эткизе айтып салчу жигит айбыгып отурабы (*Укаев).

**АТТАНАР АЯК** Жол тартарда, жолго чыгарда же кетип баратканда берилүүчү ичкилик, суусундук же башка тамак. *Аттанар аякты эртең силерге, жакын досторума беремин* («Ала-Тоо»).

**АТТАНТ аттандыр** менен бирдей.

**АТТАНУУ аттан** этишинин кыймыл атоочу.

**АТТАНЫП ТҮШҮҮ** Иштин жөнүн жакшы билүү, колунан келүү, аткара алуу, мыкты адистигин көрсөтүү. *Мен сизге айтпадым беле, Тооке, андай ишке мен аттанып түшөмүн, профессионалмын деп* (Кыдырмышев). *Өңгөсүн билбейм, малдын оорусуна аттанып түшөт* (Байтемиров). *Бирок сынган тетикти дал өзүндөй жөндөшкө аттанып түштү* (Ашымбаев).

**АТТАП ТОНДОП ЖИБЕРҮҮ** *же* **АТТАП-ТОНДОП ЖӨНӨТҮҮ** Керек болчусунун баарын даярдап берип жөнөтүү. *Анан алар Нурматты аттап-тондоп качырып жиберет* (Жантөшев).

**АТТАРЧЫ** *диал.* Галантерея, парфюмерия майда-барат буюмдары менен соодасын жүргүзүүчү жеке соодагер.

**АТТАТ атта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТТАШЕ** 1. Дипломатиялык кенже даража. 2. Элчиликтеги жана миссиялардагы дипломатиялык курамдын кызмат адамы. Кандайдыр бир башка (дипломатиялык эмес) мекеменин атайын тармак боюнча катарында элчиликтерге же миссияларга жиберилген өкүлү. *Аскердик атташе. Соода атташеси. Пресс – атташе.*

**АТТЕСКЕРИ** *этн.* Күйөөсүнүн туугандарын (кайын агасынын, кайын инисинин ж.б.) атын тергеген аялдар ошолорго аты уйкаш адамдарды атоодо ысым катары колдонулуучу сөз. *Мен муну аттескеринин катынына тиктирип келейин* (Сыдыкбеков).

**АТТЕСТАТ** 1. Окуу жайын бүтүргөндүгү жөнүндө берилүүчү официалдуу документ. Окумуштууга атайын илимий наам берилгендиги жөнүндө күбөлүк. *Профессордун аттестаты. Ага илимий кызматкердин аттестаты.* 2. Аскер кызматкеринин ар кандай тийиштүү нерселерди алууга укугу бар экендигин же анын үй-бүлөсүнүн айлык акчасынан алып турууга уктуулугун көрсөткөн атайын документ. 3. Малдын асыл тукумдуулугун күбөлөндүргөн документ.

**АТТЕСТАЦИЯ** Адистик деңгээлине, даярдыгына баа берүүсү. *Жогорку окуу жайларын аттестациядан өткөрүүнүн жүрүшү боюнча маалыматтар эске алыныш керек* («Кут билим»).

**АТТИГИНАЙ** Өкүнүчтү, кейишти билдирүүдө колдонулат. *Аттигинай! Мылтыктын жоктугун карачы?* («Мугалимдерге жардам»).

**АТТИГИНИҢ аттигинай** менен бирдей.

**АТТИҢ** Өкүнгөндө, катуу кайгырганда айтылчу сөз. *Эгерде Алыкул алтымышынчы жылга чейин жашаганда, адабиятты он эсе байытат беле, аттиң!?* (Турсунов). *Аттиң ай, кара, тагдырдын тайкы тардыгын, Акчага саткан ыйманды, ырды, бардыгын* (Мамеев).

**АТТИШ** Мык суургуч темир аспап. *Кол өнөрчүлүккө керектүү аспаптар: чоткерки, орок, бүлөө, өгөө, кайрак, аттиш, кычкач, балка, барскан шыкалган көмүркөйү болор эле* (Турсунов).

**АТТОО атта** этишинин кыймыл атоочу.

**АТТРАКЦИОН** 1. Цирктин же эстраданын программасындагы адамды таң калтыруучу, кызыктыруучу ар кандай номерлер. 2. Көпчүлүк көңүл ачуучу жердеги оюн-шоок өткөрүүчү жайлар, селкинчек, тир, карусель ж.б.

**АТТУУ I** Аты бар. *Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк* (макал). Атка минген, атчан. *Көп узабай, аттуулардын дабышы кулактарына даана угулду* (Жантөшев).

**АТТУУ II** Бирдеме деп аталгандыкты, белгилүү бир атта болгондукту билдирүү үчүн колдонулат. *Чаргын Итике дегендин Чолпон аттуу кызын алган* (Сыдыкбеков). *Арадан күндөр бат-бат алмашылып, Айланып Каркыра аттуу жерге келдим* (Осмонов).

**АТТУУ-БАШТУУ** Эс-акылдуу, өйдө-төмөндү жакшы түшүнгөн, билерман, эл башкарган.

**АТТЫК: бир аттык** Бир атка ылайыкталган, бир ат чегиле турган. *Бир аттык араба.* **Эки аттык** Эки атка ылайыкталган, эки ат чегиле турган. *Эки аттык араба.*

**АТТЫН КАШКАСЫНДАЙ** Так, даана, айкын-ачык. *Биздин милдет – кимдин эмнеге көбүрөөк кызыгарын, анын жөндөмдүүлүгүн аттын кашкасындай даана билип, ага туура багыт берүү. Анын сыры аттын кашкасындай шаңкайып турат* (Борбиев). *Зор эмгек сиңирип, жумурай-журтка аттын кашкасындай таанылган.*

**АТТЫН КУЛАГЫ МЕНЕН ТЕҢ ОЙНОО** Ат үстүндө абдан шамдагай, эркин жүрүү. *Кыргыз элинин жигиттери болсо, аттын кулагы менен тең ойноп шамдагай шайыр өскөн* («Советтик Кыргызстан»). *Аттын кулагы менен тең ойноор элек, азыркы балдар негедир бошоң* (Абдыраманов). *Жалий Турсундун кыз кезинен аттын кулагы менен тең ойноп чыйрак өскөнүн сезе аргасыз кымылдады* (Бейшеналиев).

**АТТЫР ат III** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТҮГҮЛ** Ал гана эмес маанисинде. Ойду тактап күчөтүүдө, ырастоодо колдонулат. *Актанып бир сөз айтууга дити барбай, атүгүл өөдө кароого жарай албай көзүнө жер көчүп, башы айланып сыртка чыкты* (Турсунов). *Доороңбектин тоюна жазып-тайып, атүгүл айласыз барып калганы (* «Агым»).

**АТУРГАЙ** *туурасы:* **ал тургай.** *Атургай оорул жатышкан башкарма мүчөлөрүнө кол койдуруп алып, өзү төрага шайланып алыптыр* («Кыргыз адабияты»).

**АТУУ ат III** этишинин кыймыл атоочу.

**АТУУЛ** Белгилүү бир улуттун мамлекеттин мүчөсү, жаран. *Мына ушундай кишини чыныгы атуул десе болот* («Кыргыз туусу»). *Кыргызстандын атуулу.*

**АТУУЛДУК атуулга** таандык. *Тил менен тирүүлүгү бирге бүткөн, Айныбас атуулдуктун үлгүсү эле* (Өмүрканов).

**АТЧАН** Ат минген, ат үстүндө келаткан. *Салт атчан. Баракелде техниканын күчүнө! – деп кырда турган атчан кыргыз кыйкырып жиберди* (Сасыкбаев). *Бая колхоздун конторунан келатса, Акунжан атчан жолунан чыккан* (Байтемиров).

**АТЧЫ** Ат багуучу, аттарды кароочу. *Атчылар аттарын сууга айдоого камынып калыптыр* (Убукеев).

**АТЫ** *диал.* Аталгы.

**АТЫ ЖОК** Колдун төртүнчү манжасы.

**АТЫ КҮЛҮКТҮН БАШЫ АЙРЫЛАТ** Чапчаңдык кылган киши биринчи сокку алат деген мааниде колдонулат.

**АТЫ ӨЧҮҮ** Ал жөнүндө такыр сөз болбой калуу, унутулуп калуу. *Дале болсо бирөөдөн бирөөлөргө айтылып, оозго алынып, аты өчпөсүн дешкен* (Осмоналиев).

**АТЫ ЫРГАЙДАЙ, ӨЗҮ ТОРГОЙДОЙ** Өтө жүдөгөн, абдан арыктаган, азып-тозгон абалда болуу.

**АТЫГУУ атык** этишинин кыймыл атоочу.

**АТЫК** 1. Аталып кетүү, атка конуу. *«Кашаң Татыбек» деп эл оозунда атыгып жүргөнү да кокусунан эмес* (Байтемиров). *Эл бүлдүрүп, журт кырып, Канды кечип катыккан, Калың элдин баарына Кан ичер болуп атыккан* («Сейтек»). 2. Аты чыгуу, даңкка ээ болуу, белгилүү болуу. *Атыккан мерген. Атыккан балбан. Тигил совхоз жүзүм менен атыккан* (Токомбаев).

**АТЫКТЫР атык** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТЫЛ ат III** этишинин туюк мамилеси. *Келбегени бактысы болгон, келсе, балким, атылмак* (Турсунов).

**АТЫМ** Насыбай атканда жана мылтык дүрмөттөгөндө колдонулуучу өлчөм, чен. *Бир атым насыбай. Жалгыз атым дары. Тез атары дагы бар, Жүз атым дары батычу* («Эл адабияты»).

**АТЫН САТУУ** Кимдир бирөөнүн атагын, наамын, даражасын пайдаланып, ал аркылуу кандайдыр бир максатка жетүүнүн аракетин жасоо, бирөөнүн кадыр-баркына жамынып, өз кызыкчылыгынын камын көрүү. *Ай тийбес тоодо көлөкө, Атыңды сатпа бөлөккө* (Токтогул). *Ал менин атымды сатып жүрсө, өзү жооп берет деди* (Байтемиров). *Элиңдеги жакшыны «атам» деп атын сатпай айт* (фольк.).

**АТЫН ЧЫГАРУУ** Кадыр-баркын, авторитетин жогорулатуу. *Сиздин атыңызды чыгарып, керекке жароочу тукумуңуз ушул* (Осмоналиев).

**АТЫҢ ӨЧКҮР** Бирөөнүн атын атаарда: «такыр унутуп калыптырмын, оюма түшпөй жатат» деген мааниде, же жек көрүү маанисинде айтылат. *Кара тоголок милиционер ким эле, атың өчкүр ай, унутуп калыптырмын* (Бердикеев).

**АТЫП ТУРУУ** Өтө тездик менен ордунан ыргып туруу, отурган жеринен секирип козголуу. *Ал оозгу үйгө башбагар замат Жамшит экөөбүз ордубуздан атып турдук* (Жигитов). *Калича атып туруп сыртка ашыкты* (Абакиров). *Аны көрө койгон Тоймат ордунан атып туруп, адатынча бир дар этип ага кучак жайды* (Өмүрбаев). **В.: Атып чыгуу.** *Дарбаза тарапта, уясында жаткан ит мени көрүп атып чыкты* (Исмаилов). *Коңгуроо кагылар саам класстан атып чыга жабыла чуркачубуз* (Жусупов). *Сыртка кантип атып чыкканымды билбейм* (Мырзаев). Ал *сыртты көздөй атып чыгып, ошол тейден топко кошулбаганын сезди* (Ашымбаев).

**АТЫР I** Спирт кошуп жасалган жыпар жыттуу суюктук, парфюмердик зат. *Атыр жыттуу. Өзгөчө алма бактын жыты кандай, Издесем атырды да таппайм андай* (Нуркамал).

**АТЫР II** *диал.* **Жатат** деген жардамчы этиштин маанисинде айтылат. *Айтып атыр, айтып атыр, деги аягына чыкчудай эмес* (фольк.).

**АТЫР ГҮЛ** *а.ч.* Роза гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу.

**АТЫР САМЫН** Бети-колду жууй турган жыттуу самын.

**АТЫРЫ** *к.* **атыр.**

**АТЫРЫЛ** 1. Катуу оргуштап чыгуу, оргуп агуу. *Атырылган фонтан. Булактан атырылып чыккан көк кашка суулар топтолуп, чоң өзөндү жарат* («Ала-Too»). 2. Алга карай катуу умтулуу, жулкунуу, окторулуп жөнөө, жүгүрүү. *Шиберди жойкуп атырылган жыландар Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков). *Арышын керип тайгандар Атырылып жүгүргөн* (Үмөталиев). 3. Өкүм сүйлөө, опурулуу, адырандап тумшугу менен бир тийүү. *Сиз жөнү жок атырылбаңыз, айып кимде экенин угуңуз* («Ала-Тоо»).

**АТЫРЫЛТ** **атырыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**АТЫРЫЛУУ** **атырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**АТЫШ** Каршылашып ок чыгаруу, ок атуу, аткылашуу. *Үйрөнгөн жоо атышарга жакшы* (макал).

**АТЫШТЫР** *этишинин аркылуу мамилеси.*

**АТЫШУУ** **атыш** этишинин кыймыл атоочу.

**АУ** Үн салып бирөөнү чакырганда, кабар кылганда же коруганда айтылат. *Ау! ау! ач түлкү, Казды күчүк алдырбас* (Осмонов). *Кыйкырды алда кимге: ау! ау!* (Токомбаев).

**АУДИЕНЦИЯ** Жогорку кызматтагы адамдын официалдуу кабыл алуусу; Өкмөт башчысынын элчилик өкүлүн кабыл алуусу.

**АУДИТ** 1. Каражаттардын сарпталышына байкоо жүргүзүүчү кызмат адамы, текшерүүчү. 2. Компаниянын каржылык органдарын көзөмөлдөө, бухгалтердик отчёттуулугун текшерүү.

**АУДИТОР** *саяс.* Аудитордук иш-аракеттер менен илешкен адис (эксперт, ревизор).

**АУДИТОРИЯ** 1. Жогорку окуу жайлардын лекция, доклад, практикалык сабактарды өткөрүүчү жайы. *Аудиториядан студенттердин бака-шака түшкөн үндөрү угулду* («Кыргызстан аялдары»). 2. Лекция, доклад угуучулар бир кызыкчылыктагы окурмандар тобу. *Ар бир агитатордун искусствосу – аудитория менен байланыша билүүдө.*

**АУКЦИОН** Сатыкка коюлган буюмду эң жогорку бааны сунуш кылганга сатуу үчүн уюштурулган соода.

**АУРА** 1. Бир нерсенин айлана-чөйрөгө таркап турган жыт-деми; биоток таасирлери. *Өлкөңөрдүн аурасы баягыдай эле кызыл кочкул* (Акматов). 2. *мед.* Талманын (эпилепсия) кармай турган учуру жакындагандагы эмоционалдык абал. Көзгө көрүнүү, угуу галлюцинациялары, тынчсыздануу ж.б. белгилердин байкалышы.

**АУТ** Спорттук оюндарда топтун, шайбанын ж.б. оюн талаасын курчап турган чийинден сыртка чыгып кетиши.

**АУТСАЙДЕР** 1. Монополиялык биргелештикке кирбеген кесип орундары. 2. *спорт.* Чемпионатка катышкандардын ичиндеги эң акыркы орунда келе жаткан спортчу.

**АФГАНДАР** *ж. с.* афган. Афганистандын негизги калкын түзгөн эл.

**АФЕРИСТ** Өз пайдасы үчүн митаамчылык, алдамчылык ишке барганды өнөкөт кылып алган, эки жүздүү адам. *Ай, аның жеткен аферист эле го* (Макенбаев).

**АФИША** Боло турган спектакль, концерт, лекция ж.б. жөнүндө элге көрсөтүп илип коюлган жарыя. *Маданият үйүнүн алдынан райондук калк театрынын жаңы спектакль жөнүндөгү афишасы көзгө урунат* («Ала-Тоо»).

**АФОНИЯ** Үн чыкпай калгандыктан шыбырап сүйлөө. Афония ар кандай оорунун (тамак оорунун, учуктун) кесепетинен, үн чыгаруучу органдардын өтө чарчагандыгынан лекторлордо, педагогдордо артисттерде ж.б. пайда болуучу абал.

**АФОРИЗМ** *адаб.* Учкул сөз, терең маанилүү, курч жана таамай айтылган нуска сөз. Мис. *Сая кеткен убакыт – текке кеткен өмүр* (Турсунов)

**АФОРИСТТИК** **афоризм** дегенге таандык. *Афористтик ырлар.*

**АФРИКАЛЫКТАР** *ж. с.* африкалык. Африка өлкөлөрүнүн калкы. *Африкалыктар да футбол ойной ала тургандыктарын көрсөтүштү* («Заман-Кыргызстан»).

**АФРИКАНИСТИКА** Африка калктарынын тарыхын, маданиятын, тилин изилдөөчү илим.

**АФРОДИТА** *зат.* Байыркы грек мифологиясында сулуулуктун, сүйүүнүн символу.

**АФФЕКТ** Адамды кыска убакытта буркан-шаркан түшүргөн долулануу, ачуулануу, үрөйү учуу ж.б. сыяктуу жээликкен абал.

**АФФИКС** *линг.* Өз алдынча, жеке колдонулбаган, негизги сөзгө кошулуп, ошол сөздүн маанисин, формасын жана кызматын өзгөрткөн грамматикалык форма, кошумча.

**АФФИНАЖДА** *тех.* Эритиндиден (кошмодон) бөлүп алуу.

**АХ** Таң калганда, кубанганда, өкүнгөндө айтылат. *Ах, кандай ыракатка бай, майдын түнү. Ах, кызыл, жашыл, сары – түркүн гүлү* (Осмонов).

**АХАЛА** 1. Курсант болуу, ырахаттануу. 2. Катуу аракет кылуу, чарчаганга, кыйналганга карабай аракеттенүү. *Алтымыш азоо байталды Ахалашып кармашты* («Мендирман»).

**АХАЛАТ ахала** этишинин аркылуу мамилеси.

**АХАЛОО ахала** этишинин кыймыл атоочу.

**АХАЛТЕКЕ: ахалтеке аты.** Түркмөн элинин Теке уруусу илгери заманда өстүргөн жылкы. Бул ат өтө сулуу, сындуу, чарчабаган, чыдамкай келет.

**АХВАЛ** *диал.* Абал. *Баланын ахвалын жок дегенде бир жолу билип коюшпайбы?!* (Акматов).

**АХЛАК** Кулк-мүнөз, жүрүм-турум. *Ошондо акылман Акбар эң оболу ар динден бирден улама чогултуп, аларга кудай бирөө экенин, Муса, Иса, Мухаммед пайгамбар кас эмес экени, пенделердин милдети, адеби, ахлагы жөнүндө маани талаштырган* ( Касымбеков).

**АХЫБАЛ ахвал** менен бирдей. *Мен өңдөнгөн жесирдин Ахыбал-алын сурай жүр* («Семетей»). *Ыя, ахыбалың жаманбы?* (Айтматов).

**АЦЕТИЛЕН** *хим.* Көмүртек менен суутектен турган, жыты жагымсыз, түссүз, ууктургуч, күйүп кетүүчү газ.

**АЦЕТОН** *хим.* Органикалык кошунду, түссүз суюктук (лак, жаргыч зат, жасалма жибек ж.б. чыгарууда эриткич катарында колдонулат).

**АЦИДОЗ** (лат. кычкыл) Денедеги органикалык кислоталардын жетишсиз бөлүнүшүнүн жана кычкылданышынын натыйжасында клеткада жегич тең салмактуулуктун бузулушу.

**АЦИДОФИЛИН** Сүт азыктарын өзгөчө жол менен уютууда пайдаланылуучу бактерия. Йогурт ацидофилиндин жардамы аркылуу уютулат.

**АЦТЕКТЕР** Мексикадагы эң көп сандуу америкалык индус калкы. Ошол калктын өкүлү.

**АЧ I** 1. Тамактанбаган, оокат ичпеген, карды ачка. *Ач карышкыр. Ач тоюнат, арык семирет* (макал). *Ач калгандыкы кеч калат* (макал). 2. Ээн, эч нерсе өспөгөн, жан-жаныбар жашабаган. *Ач бел. Ач талаа.*

**АЧ II** 1. Жабык нерсени ачык абалга келтирүү. *Барпы сандыгын ачып, алтын сөйкө, шакек алып чыкты* (Байтемиров). *Таңга жакын Акбар эшигин ачып, «ата» – деди* (Убукеев). *О Батыш! Окуп бер деп ушул катты, Карматты бир конвертти айрып ачып* (Маликов). 2. Оролгон, бүктөлгөн, каталган нерсени жазуу, жайып коюу. *Ар күнү газетанын ачып бетин, Карасам улам жаңы келет сезим* (Нуркамал). *Ача салсаң дептерин: Жалаң «4», «5» жаркырайт* (Осмонов). *Байчечекей гүл ачты* («Ала-Тоо»). 3. Башта белгисиз, эч ким билбеген нерсени табуу, белгилүү кылуу. *Ала-Тоонун кендерин ачышты. Азыркы илим атом энергиясынын сырын ачты.* 4. Кандайдыр бир мекемени, ишкананы ж.б. түзүү, жаратуу. *Мектеп ачты. Жаңы уюм ачты.* 5. Баштоо, ачык деп жарыялоо. *Мектептин директору педсоветти ачып жатып отургандарды кыдырата бир карап койду* (Мавлянов). 6. Жайдары абалга келүү, кайгы-капасыз болуу, көңүл жазуу. *Кайсы күндө жаркырап Кабагымды ачамын?* (Токтогул). *Ошого сөөлөттүүлөр борсулдашып Күлүшүп күлдөшүп көңүл ачат* (Маликов).

**АЧ АЙКЫРЫК** Кулак жаңырткан катуу кыйкырык. *Жети асаба туу алып, Ач айкырык үн салып* («Манас»).

**АЧ АЙКЫРЫК, КУУ СҮРӨӨН** Абдан катуу, сүрдүү, айбаттуу чыккан ачуу үн, кулак-мээни жарган үн, кулак-мээни жарган ызы-чуу. *Ач айкырык куу сүрөөн, Атса мылтык өтпөгөн* («Манас»). *Асмандан түшкөн эмедей, Ач кыйкырык, куу сүрөөн, Алмамбеттей Күлчоро, Айкырыкты салды дейт* («Манас»). **В.: Ач айкырык.** *Мындан ары чыдоого мүмкүн эместигин түшүнүп, ач айкырык салып, кырчылдаша талап койду* (Бейшеналиев). *Аалам чаап дуу болуп, Ач айкырык чуу болуп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жети асаба туу алып, Жеткен жердин баарына, Ач айкырык чуу салып* («Манас»). *Адамдын чынбы, же калппы деген эки ача ою ач кыйкырыкты чыгарбай торгоп турду* (Жусупов). *Адамдарда Темирге окшоп алга сойлошту: ач кыйкырык, чаң, түтүн уюду* (Жусупов).

**АЧ АРБАКТАЙ** Үлдүрөгөн, абдан алсыз, өтө арык, сүлдөрү эле бардай, араң эле жаны бар. *Ач арбактай сүйрөлгөн адамдын үнү кыңылдап араң эле чыгат* (Элебаев).

**АЧ БЕЛ, КУУ ЖОН** Эч айла табылбаган катаал шарт, жер шартынын катаалдыгы, кыйынчылык, азап-тозок. *Башың баш, багалчагың кара таш! Ач бел, куу жондо өл!* (Айтматов). *Ажың кабылдабай эрме чөлдө сөөгүң сөпөт, ач бел, куу жондо калсаң эмне?!* (Бейшеналиев). *Тукумуңду жерибе, ач бел, куу жонго таштаба, агыны катуу суудан сакта, ниети бузук жоодон сакта* (Айтматов). **В.: Ач бел, куу жол.** – *Ач бел, куу жолдо калат деген ушубу?* («Кыргызстан маданияты»). *Сендей пейли тарлар ач бел, куу жолдо калып, өлгөн эшектин кулагын бышырып жейт! – деди Куйручук* (Бектенов). **Ач бел.** *Адам жүрбөс ач белде, кузгун учпас куу көлдө, Сен экөөбүз тең өлдүк* («Эр Төштүк»).

**АЧ БИЛЕК** Билектин ичке жери. *Эки жигит аттарын түйлаттырып, ач билектен алып тартышканда аттар ордунан жыла алышпай калышты* (Каимов). *Абакеңиз Эр Кошой, Ач билектен алганы* («Манас»). *Бара турган эрине Ач билектен сүйрөтүп Алып барып беремин* («Семетей»).

**АЧ БОЛОТ** Жаландаган курч кылыч. *Ак буудай нанын чайнашты, өлүп кетер ант кылып, Ач болот мизин жалашты* («Манас»).

**АЧ БОЛСО – АЗЫК, ТОК БОЛСО – КАЗЫК** Дайыма жанга күйөр, арка-тирек болор. *«Ач болсо – азыгыңмын, ток болсо – казыгыңмын» деп толгонуп турдум!* (Үмөталиев).

**АЧ КАРЫН** Эртең менен тамак ичпей туруп, наар албаган бойдон, ачка. *Алар наар албастан ач карын бойдон жөнөштү* (Абдукаримов). *Эртең эрте менен ач карын келиңиз* (Адамалиев).

**АЧ КЕНЕДЕЙ АСЫЛУУ** Ой-боюна койбоо, жабышып, суранып артынан калбоо, асыла берүү. *Келин ач кенедей асылып жатып Күлүканга катты алдырган болчу* («Ала-Тоо»). **В.: Ач кенедей жабышуу.** *Качууга аракет кылсам дагы, ач кенедей жабышып тургандардан көз жазгыра албадым* (Жантөшев). **Акидей асылуу.** *Жакшылап үйрөнөм деп акидей асылганынан огу жок мылтыгымды да бергем* (Тойбаев). *Дем алыш күнү келген Үпөл акидей асылып жатып Калыйманы конокко чакырып кетет* (Бердикеев). *Көрөөр замат акидей асылдым: – Мырзаке, эптеп кызымдын тушоосун кесип бербесең болбойт* («Ала-Тоо»). **Ач кенедей жармашуу.** *Ач кенедей жармашып, Жадаттыңар айылды* (Токтогул). **Ач күсөндөй асылуу.** *Ошону алып бер деп, ач күсөндөй асылды.* **Чап кенедей жармашуу.** *Ага чап кенедей жармашты.*

**АЧ КӨЗ** Сугалак, дүнүйөкор, нысапсыз, көзү тойбогон, ар нерсеге көз артканын койбогон. *Ач көз атасын аябай дал келтире кордоп, өчүмдү алып бердиң* (Бейшеналиев). *Менин колумдан келсе, мына бу дүнүйөкор, ач көздөн бечара дунганды бошотуп алууга даяр элем.* (Элебаев). *Эч нерсеге тойбогон ач көз мына, Чокко түшкөн чычкандай куйкаланган* (Үмөталиев).

**АЧ КӨЗДҮК** Нысабы жоктук, сарандык, дүнүйөкорлук, сугалактык. *Алар акчанын, ач көздүктүн кулу, жылдан жылга кымыздын баасын өйдөлөтүшкөнү аз келгенсип, адамдын ден соолугуна зыяндуу көбүрмө-жабырма заттарды кошуп ийүүдөн да тартынышпайт* («Кыргыз туусу»). *Ал жөн эле турган жок, айланасына ач көздүк менен көз жүгүртүп турат* (Жантөшев).

**АЧ КУЛАКТАН ТЫНЧ КУЛАК** Кандайдыр бир иштин убаракерчилигин, түйшүгүн, азап-тозогун тарткандан көрө, ага аралашпай, кийлигишпей, жолобой коюу керек деген мааниде колдонулат. *Базардагы ишибиз ал болсо, аяк жерге тийбей, тил оозго батпай турганда ач кулактан тынч кулак* (Тойбаев). *Ач кулактан тынч кулак деп байлап берип кутулгандар.* (Бейшеналиев). *Ажыбек айткандай, ач кулактан тынч кулак, жоопкерчиликти алып кереги эмне* (Кушубеков). *Ач кулактан тынч кулак, андан көрө аяз жамынып, ак кар, көк муз жазданып, ремонтту бүтүргөнүбүз эле оң, – дешет* («Чалкан»).

**АЧ КҮЗӨНДӨЙ** Бетинде кан-сөлү жок, кубарып-кумсарган, арык, начар. *Анын ач күзөндөй түрү көз алдыман кетпей койду* (Сыдыкбеков). *Бугимовдун ач күзөндөй түрү Малиновскийдин көз алдынан кетпеди* (Сасыкбаев).

**АЧ ӨЗӨК** Сугалак, ачкарак, ач көз. *Толгон-токой айыл чарба жумуштарына катышканы менен алардын үзүрлүү эмгегине ырымдап тыйын-тыпыр төлөнөт да, калганы ач өзөк жетекчилердин жемсөөсүнө кирет* («Кыргыз туусу»).

**АЧ ТЫРМАК** Мыкаачы, зулум, таш боор. *«Бир атанын» ач тырмак жырткычтарына, Токомдун үндөөсү менен жем болбой калдык* (Бейшеналиев).

**АЧА I** Картанын жүрөк формасындагы кызыл түстүү сүрөт белгиленген түрү. *Ачанын алтылыгы.*

**АЧА II** Бүтүн бир нерсенин эки же андан көп айрыкка бөлүнүшү. *Оштон батышты карай кеткен даңгыр жол шаардын четине барганда эки ача болуп бөлүнөт* (Абдукаримов). *Үч ача бутак.*

**АЧА КАРООЛ** *аңч.* Мылтыктын кундагынын үстүндөгү атууга ыңгайланып жасалган ортосу, оюк тетиги.

**АЧА ТУЯК** *же* **АЧА ТУЯКТУУ** Туягы эки ача келген сүт эмүүчү жаныбар (мис. уй, кой, элик ж.б). *Ача туяк мал союп, Жөнөмөк болуп кырк баатыр Чогулушту токтолуп* («Эр Табылды»).

**АЧАКЕЙ** Ачаланган, ачасы бар. *Бул туур үч ачакей арчадан жасалган* (Каимов).

**АЧАКЕЙ-ЖУМАКЕЙ** Чүкө өкчөшүп, утturган тарап көздөрүн алаканы менен басып, экинчиси аны колунун сыртына чертип, манжаларын көрсөтүп ойноочу оюн.

**АЧАКЕЙЛЕН** **ачалан** менен бирдей.

**АЧАЛАН** Ача болуу, ача көрүнүшкө келүү. *Ою эки ачаланып мукактана түштү* (М. Үсөн).

**АЧАЛАНТ** **ачалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧАЛАНУУ** **ачалан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЧАЛУУ** Ачасы бар, ачаланып бөлүнгөн. *Ачалуу бакан.*

**АЧАРЧЫЛЫК** Тамак жетишпегендик,

тамак-аш тартыш болуп, элдин карды тойбогон оор абал, кыйынчылык. *Быйылкы ачарчылык томаяктарды биротоло томсортту* (Абдукаримов). *Ачарчылыктын залдарынан элди келте оорусу каптай баштады* (Элебаев).

**АЧКА** Курсагы ач, тамак ичпеген, карды ачкан. *Чөпкө тоюп, суу ичпей, Буудандар ачка болушту* («Эр Табылды»).

**АЧКАН КӨЗҮН ЖУМГАНЧА** *к.* **көз ачып-жумганча.**

**АЧКАН ЭШИК, АТТАГАН БОСОГО** Биринчи келип түшкөн жери (көбүнчө келиндерге карата алгачкы келин болуп келген үйүң деген мааниде). *Ачкан эшик, аттаган босогоң, ушул жерден агарып-көгөрөрүңө жакшы, тынч отуруп бер, балам, – дешип, сакалдуу байбичелер кызды жоошутуп жатышты.*

**АЧКАРАК** Тамак дегенде үзүлүп түшкөн, чыдамы жок, тамаксоо. *Тамак-ашка толгон чакан бөлмө ачкарак коноктун көңүлүн жайлап койду* (Бейшеналиев).

**АЧКАРАКТЫК** Ачкалыкка чыдамы жоктук, тамаксоолук.

**АЧКАЧЫЛЫК** 1. **ачарчылык** менен бирдей. 2. Наразылык билдирип тамак ичпей койгон саясий аракет көрүнүшү, саясий акт.

**АЧКЫЛ** 1. Карагаттын, кымыздын даамына окшогон кычкыл даам. *Ачкыл алма. Ачкыл жарма.* 2. Ачытылган жарма, айран, кымыз, бозо ж.б. *Ачкыл жасоо. Айымбүбү сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип Жапарга сунду* (Баялинов).

**АЧКЫЧ** 1. Кулпуну жаап ачыш үчүн колдонулуучу тетик. *Батыш ачкычын таба албай убара болду* (Байтемиров). 2. Гайканы же башка тетикти бурап бекитүү же чыгаруу үчүн колдонулуучу темир аспап. 3. *өт.* Белгилүү бир нерсени түшүнүүгө, сырын ачууга жардам берүүчү жол, ык. *Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда* (Сыдыкбеков).

**АЧКЫЧЧЫ** 1. Ачкыч жасаган адис. *Ачкыччыга барсаң, көз ачып жумганча жасап бере коёт.* 2. Ачкычы жоголуп ачылбай калган кулпуларды талкалабай ача турган адис. *Ачкычын жоготуп алдым эле, ачкыччы талкалабай гана ачып берди.*

**АЧТЫК** Курсагы ачкан абал, ачкалык. *Көч үстүндө курсактын ачтыгы, токтугу унутулат* (Касымбеков).

**АЧТЫР ач II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧУУ I** Жини, кыжыры келгендик, каар. *Ачуу – душман, акыл – дос* (макал). *Эмнеге ачууң келип калды* (Абдукаримов).

**АЧУУ II** Даам сезүү органдарын дүүлүктүрүүчү даам, таттуунун карама-каршысы. *Даамы ачуу. Ачуу менен таттуунун Даамын таткан ким экен* (Тоголок Молдо).

**АЧУУ III ач II** этишинин кыймыл атоочу. *Эшик ачуу. Мектеп ачуу. Жаратылыштын сырын ачуу. Айыбын ачуу.*

**АЧУУ IV ач III** этишинин кыймыл атоочу. *Карды ачуу. Курсагы ачуу.*

**АЧУУ V ачы** *этишинин кыймыл атоочу. Бозо ачуу. Камыр ачуу.*

**АЧУУ БАСАР** *этн.* Кызды ата-энесинин макулдугусуз ала качып кеткенде кызды алган жак анын ата-энесинен кечирим суроо, алдынан өтүү, таанышуу максатында тийиштүү жол-жобосу менен келүү салты. *Кыз барган айылдагы ичерман активисттерден беш-алтоо ачуу басарга жетип келишет экен* («Чалкан»). *Турсун куда ачуу басарына бир тай, бир кой, эки миң сом акча, эки ящик алып келет.*

**АЧУУГА АЛДЫРУУ** Өзүн-өзү кармай албай, токтоно албай жеңилип кетүү, сабырдуулук кыла албоо. *Өкүмсүнгөн неменин ачууга алдырып тарс жарылганына, чабалдыгын билдирип үстөлдү сындыра муштаганына табам канды* (Жигитов). **В.: Ачууга жеңдирүү.** *Ачууга жеңдирип, ушундай жерди таштап кетип бараткандыгы үчүн, эс алуусун өксүткөндүгү үчүн ал өкүнүч сезимине кабылды* («Ала-Тоо»). *Антүүгө жарабайт, паңсат аке. Сиз ачууга жеңдирип жатасыз* (Касымбеков).

**АЧУУЛАН** 1. Ачуусун келтирүү, кыжырлануу, каардануу. *Анда Жакып кеп айтат, Ачууланып бек айтат* («Манас»). 2. Урушуп коюу, тилдөө. *Иниңе ачууланып койбосоң, сөзүбүздү уккудай эмес* («Чалкан»). *Баласынын тентектигине чоң атасы ачууланып үйгө түшпөй койду* («Ала-Тоо»).

**АЧУУЛАНДЫР ачуулан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧУУЛАНУУ ачуулан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЧУУЛУУ** Каардуу, ачуусу чукул, урушчаак. *Ачуулуунун алдынан чыкпа* (макал). *Энебиз эң эле ачуулуу адам эле* («Ала-Тоо»).

**АЧУУРКАН ачыркан** менен бирдей.

**АЧУУСУ БЕТИНЕ ЧЫГУУ** Каарданып, түктөйүп өңү бузулуу. *Аны көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине чыкты* (Жигитов). *– Болду! – деп Даадый какпаса, ачуусу бетине чыгып, кан-сөлү кеткен Зуураке сүйлөнө бермек* (Егиналиев).

**АЧУУСУ КАЙНОО** Аябай жинденүү, өтө катуу ачуулануу. *Кантсе да эттери ооруксунуп, ачуулары кайнап, чындап буулугушту* (Бейшеналиев). **В.: Ачуусу шакардай кайноо.** *Шакардай кайнап чыккан эмелеки ачуусун жаңы келининен ыйбаа кылуусу токтотуп турду* (Абакиров).

**АЧУУСУ МУРДУНУН УЧУНДА** Ачуусу чукул, бат ачууланма, болор-болбоско териге түшмө. *Болор-болбоско кыжырланып, ачуусу мурдунун учуна тез чыгып, чыргоолоно баштады* (Жигитов). *Анын ачуусу мурдунун учунда эле* («Ала-Тоо»).

**АЧЧЫЛЫК** Ачка калгандык; тамак-аштын тартыштыгы. *А мен турам тентегиме делбиреп, Атаң далай аччылыкты көрдү көп* (Сарногоев). **к. ачарчылык.**

**АЧЫ** 1. Ачыткынын жардамы менен ачкыл болуу, көбүрүү (бозо, жарма, кымызга карата); көбүү (камырга ж.б. карата). *Ачыбаган камырдай мисирейген жигит жигитпи?* (Токомбаев). *Жайлоо эмес, жаз экен, Ачыган кымыз аз экен* («Манас»). *Чала ачыган бозодон Ачымал жакшы ун чалган* (Осмонкул). 2. Боор ооруу, күйүү. *Жаның ачыса, ордуна өзүң барып отуруп бербейсиңби* (Макенбаев).

**АЧЫГУУ ачык III** этишинин кыймыл атоочу.

**АЧЫК I** 1. Жабык эмес, жабылбаган, бекитилбеген. *Кызыл үйдүн эшиги ачык экен* (Сыдыкбеков). *Ороонун оозу ачык бойдон калган* («Ала-Тоо»). 2. Айланасы тосулбаган, ээн, бош. *Биздин эл көчүп келип, кыштоодон алыскы ачыктарга коно башташты* (Жантөшев). *Боз тикендүү ачык талаа* (Турусбеков). *Ат баккандар аттарын короодогу ачык жерге чыгарыптыр* (Убукеев). 3. Тартынбаган шар, уялчаак эмес, оюн жашырбай шар айткан. *Ачык жигит. Түшүнбөйм мен силерге эмки балдар, Кандайдыр бир башкача ачыксыңар* (Осмонов). 4. Жаан-чачыны жок, бүркөк эмес. *Күн ачык, булут жок. Асман мелтиреп тунук* (Бейшеналиев). 5. Даана, айкын, каргылданбаган (үнгө карата), күңүрт эмес (өңгө, түскө карата). *Коңгуроодой ачык үнүн чыгарып, бирдемелерди айтып жатат* (Сыдыкбеков). *Ачык кызыл боёк менен боёлгонсуп, талаа кызгалдакка көрктөнөт* («Ала-Тоо»). *Ачык көк сырдын өңүндөй* («Чалкан»). 6. Жашыруун эмес, элдин, көпчүлүктүн алдында, көрүнөө. *Ачык добуш берүү. Ачык кат. Ачык сүйлөшүү. Ачык иштөө.* Эркин эч кандай чектөөсү жок, башкалар да катыша берүүгө боло турган. *Жамааттык ачык чогулуш. Ачык сабак.*

**АЧЫК II** *диал.* Ачуулуу. *Сув ичипмин, Мөлмөлүм, Сурабай ичкен сув ачык* («Эл адабияты»).

**АЧЫК III** Курсагы ачуу, тамак-аштан кемчил болуу, кыйноо тартуу. *Арык элек – семирдик, Ачыккан элек – тоюндук* («Манас»). *Ким билет ачыгып жортуулдап жүргөн бир жырткыч чыгар, кол салышы мүмкүн* (Баялинов). *Келген аялда ачыккан адамдын түсү бар* (Элебаев).

**АЧЫК-АЙРЫМ** Оюндагысын ачык, шар айткан, түнт эмес, жайдары. *Ачык-айрым жигиттин Кылган иши шар болот* (Осмонкул). *Өмүрлүккө сайрандайсың, күлөсүң, Ачык-айрым тамашакөй мүнөзүң* (Элебаев). *Ачык-айрымдыгы түштүктүн аялдарына окшобойт* (Жантөшев).

**АЧЫК АЙТЫП, АК СҮЙЛӨӨ** Чынын, туурасын айтуу, болгонун болгондой баяндоо. *Азамат болсоң боз балдар, Ачык айтып, ак сүйлө* (Токтогул). – *Кана, молдоке, ачык айтып, ак сүйлөңүз* (Бейшеналиев). *Эми ачык айтып ак сүйлөңүз, селки деп мени жерисең өз эркиң, бирок ырчы деп жерий албайсың* (Айтматов). *Ачык айтып, ак сүйлө, жеңе, абысының ымалага келгидейби?* (Бердикеев). *Ачык айтып, ак сүйлөп, Айтчы, сынчым, кебиңден* («Эр Табылды»).

**АЧЫК ООЗ** 1. Аркы-беркини байкабаган аңкоо, элегей. 2. Ичине сөз турбаган, оозу бош, сөз жашыра албаган. *Анан эмнегедир ушул ачык ооз, орой, жек көрүндү адамдар байкемди араларына кошуп алганына ичим күйөт* (Жусупов). *Ачык ооз жигит көрүнөт, бажылдап эле сүйлөй берет экен* (Бердикеев). *Акиш, сен ачык ооз элең, «бээ сойдук» деп эч кимге айтпа* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Оозу ачык.** *Оозу ачыктардын бири мен, сиз мени абайлаңыз* («Кыргызстан маданияты»). – *Оозу ачыктын бири мен эмесмин, – деди Надя* (Байтемиров). **Оозу бош.** *Оозу бош немеге балдарды кантип «кой дешке» эрки жетет? Өзүңүз ойлоңузчу.*

**АЧЫК ООЗДУК** Ичине эч нерсе сактап тура албагандык, уккан-билгенин айта бергендик. *Ай ушунун ачык ооздугу түпкө жетмек болду го! – деп чал кейий баштады* («Ала-Тоо»). *Андай ачык ооздук Акбилек айымдан болбосо, башкаларыбыз кулпулаган таш эмеспизби, – деди Жутаке миң башы* (Жантөшев).

**АЧЫК ТАШ** Элдик көркөм кол өнөрчүлүктө жүн, жип-шуу, кийиз, тери өңдүүлөрдү боёгондо боёкко кошуучу зат.

**АЧЫКТЫК** 1. Ачык-айрымдык, жашырбай, оюн ачык айткандык. *Любанын ачыктыгычы!* («Кыргызстан аялдары»). 2. Тактык, талаш-тартышы, күмөндүүлүгү жоктук. *Маселенин ачыктыгын билүү.*

**АЧЫКТЫР ачык III** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧЫЛ ач II** этишинин туюк мамилеси. *Көрүндү үй, тоо аз-аздан Ачылган өңдүү көшөгө* (Өмүрканов). *Көгарт деген жерде интернат-окуу дегени ачылыптыр деп угам* (Станалиев). *Мен бири-бирибизге чечилебиз го, анан бизге рухту жаңыча түшүнүү ачылат деп күткөм* (Айтматов).

**АЧЫЛГА ачылыш** менен бирдей. *Жаңы ачылга. Илимий ачылга.*

**АЧЫЛУУ** Ачык бойдон калган, ачылган абалда калган. *Эшик ачылуу бойдон калыптыр* («Агым»).

**АЧЫЛЫШ** Атайын жүргүзүлгөн изилдөөнүн, иликтөөнүн, илимий изденүүнүн натыйжасында пайда болгон маанилүү жыйынтык, жаңылык. *Илимий ачылыш. Географиялык ачылыштар.*

**АЧЫМА** Ачытканга арналган; оңой эле

ачый турган.

**АЧЫМАЛ** 1. **ачкыл** менен бирдей. 2. *өт.* Спирт ичимдиги же самопал. *Апасы ачымалын жуткузуп, тынч алдырып жаткызып койду* (Каимов).

**АЧЫН I** Жамынчысы ачылып калуу, ачык жатып калуу. *Энеси ачынып уктап калган баласынын үстүнө жуурканын оңдоп жаап койду* («Ала-Тоо»).

**АЧЫН II ачык III** менен бирдей. *Ачынган курсак тоюнар.*

**АЧЫН III** 1. Ооруксунуу, ачыша түшүү. *Эти ачынган эр неме койсунбу, камчысын бүктөп чыга келбейби* («Чалкан»). 2. Ызага батып, ачууланып жаалдануу (жанга баткан абал). *Ачынып алган Семетей Ак жолборс чапкан немедей, Атырылып кекенип Манастап ураан салыптыр* («Семетей»). *Жаны ачынган кургурдун жанына жолобойлу дедик* («Ала-Тоо»).

**АЧЫНА АЙЛАНЫП, ТОГУНА ТОЛГОНУУ** Жакшылык, жаманчылыгына бирдей мамиле кылуу, бирдей күйүү, бардыгын көтөрүү, бардыгына чыдоо. *Төрт баланын ачына айланып, тогуна толгонуп жүрө бердим* («Чалкан»).

**АЧЫП КӨЗДҮ ЖУМГАНЧА** *к.* **көз ачып жумганча.**

**АЧЫР I ачтыр** менен бирдей.

**АЧЫР II ач III** этишинин аркылуу мамилеси. *Баламдын курсагын ачырба, карап жүр* (Сактанов).

**АЧЫРКАН** Ачуу, кычкыл даамдуу тамакты ичкенде, жегенде кычкыл даамдан улам сезгене түшүү, бети-башын бырыштыруу. *Кыргыз да... ачырканбай кымыз ичет, Кучактап уктап калат бир жилик эт* (Осмонов). *Сатыкул ачырканса да айранды тартып жиберди* (Касымбеков).

**АЧЫРКАНТ ачыркан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧЫРКАНУУ ачыркан** этишинин кыймыл атоочу.

**АЧЫТ ачы** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЧЫТКЫ** Жарманы, камырды ж.б. ачытуу үчүн жумшалуучу көрөңгө, камыр туруш ж.б. *Ачыткы сурап келсең, Сапар сага сонун максым жасап берет* (Бейшеналиев).

**АЧЫТМА** *диал.* 1. Бозо. 2. Ачкыл. *Челектеги ачытманы ичсе болобу?* 3. Силос. *Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы дейт, ага ачытма салбай эле кой.*

**АЧЫТМА к. Ачыткы.**

**АЧЫТУУ** Жарма, максым, камыр ж.б. ачытып даярдоо процесси. *Ачытуусун өзүбүзгө кой* (Осмоналиев).

**АЧЫШ I** Тызылдап оорутуп дүүлүгүү (денеге карата). *Менин көздөрүмдүн тегереги ачышып кетти* (Сыдыкбеков).

**АЧЫШ ач II** этишинин кош мамилеси.

**АЧЫШТЫР I ачыш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Айнаш чыгып турмушка, Ачыштырды жүрөктү* (Сарногоев).

**АЧЫШТЫРМА** Кайсы бир заттын, мисалы, дарынын ачыштыра турган касиети. *Бул дарыңар ачыштырма дары экен, айланайындар* («Кыргызстан маданияты»).

**АЧЫШТЫРУУ** Кайсы бир заттын, мис. дарынын ачыштырган учуру (абалы, процесси). *Терини дүүлүктүрүү, ачыштыруу болбой койбойт* («Ден соолук»).

**АЧЫШУУ ачыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**АШ I** 1. Тамак, оокат. *Аш көп болсо, каада көп* (макал). *Ар бир адам кумар болот өзүнчө, Мейман тосуп, аш-тамагын бермекке* (Осмонов). 2. Палоо. *Аш демде.* 3. *этн.* Өлгөн адамды эскерип, урматтап мал союп, элге тамак берүү салты. *Көкөтайдын ашы экен, Көп чатактын башы экен* («Манас»). **Кара аш.** Сөөк коюлган күнү берилген аш. **Чоң аш.** Бир жылдан кийин берилген аш. 4. Кээ бир дарак, бадалдардын мөмөсү, жемиши. *Ит мурундун ашы. Чычырканактын ашы. Долоно, четин аштары Мончоктой кызыл мөлтүлдөйт* (Токомбаев).

**АШ II** 1. Тоодон, ашуудан ж.б. ары өтүү, өтүп кетүү. *Ашуусу бийик тоо ашты, Агыны катуу суу кечти* («Эр Төштүк»). 2. Белгилүү бир чектен, өлчөмдөн ж.б. өтүү, андан ашык болуу. *Арыктан аша жулкунуп, Агын суу жатат шаркырап* (Нуркамал). *Жыйырмадан жаңы ашкан Жигит эле эр жеткен* (Бөкөнбаев). *Эркин эмгек, кең билим кучагында Артылып аша берсин биздин таалай* (Нуркамал).

**АШ III** Айгырдын бээни караганы. *Айгыр ашты.*

**АШ АЙРАН** Талкандын акшагы, таруу сыяктуу дан кошулуп уютулган айран. *Бир көнөчөк аш айран жеткирип бербесең каным катып кетет го* (Сыдыкбеков).

**АШ АЙРЫ** Коюу тамактарды, көбүнчө экинчи тамакты жана салатты алып жей турган буюм (тамак-аш куралы).

**АШ БАШЫ** Өлгөндүн урматына берилген ашты башкарган киши. – *Эми,* – *деди аш башы болуштарга кара көзү кадалып,* – *сөөк илдет адатыбыз го* (Касымбеков).

**АШ БОЛ** Тойгон киши кекиргенде ага карата каалоо иретинде айтыла турган сөз.

**АШ БОЛУМДУУ** Бойго сиңимдүү, жугумдуу. *Тамак витаминдерге бай, аш болумдуу болушу керек* («Ден соолук»).

**АШ БЫШЫМ** Кыргыздар пайдаланган убакыт өлчөмү: аш-тамак бышууга кеткен убакыт, болжолдуу эки саатча убакытты туюнтат. *Аш бышымдай ыйлады* («Манас» С.О.). *Анан Төлөмүш кенен аш бышым сүйлөшүп, Жумандын жанында отуруптур* (Бердикеев). *Ашыкпастан энеңе, Аш бышымда жетем деп* (Тоголок Молдо). **В.: Эт бышым.** *Эси эңиреп Табылды, Эт бышым-*

*дай жатты эми* («Эр Табылды»).

**АШ КАТЫК** «Азыраак, болор-болбос бирдеме», же «көптүн арасында жалгыз гана» деген мааниде айтылат. *Тобокелди сүйөлү, бешигине баш катып, Алты кыздын ичинде айланайын аш катык* (Молдо Кылыч).

**АШ-ПАШ ДЕГИЧЕ** Бат, тез, дароо, заматтын ортосунда. *Аш-паш дегиче, кемпир нанын жегиче Салам палбан көтөрүп урду* («Алга»).

**АША I** *сүйл.* Чоң-чоң сугунуу, чайнабай жутуу. *Кумүшай бээ сааганда Токтогул сүттүн көбүгүн кочушуна толтуруп ашап-ашап алат да, көнөктүн бирөөнү көтөрүп жөнөйт* (Токомбаев).

**АША II** Өтө, абдан, ашкере. *Аша мыкты. Аша семиз. Аша күлүк.*

**АША КЕЧҮҮ** Бардыгына кол шилтөө, мейлиге салуу. *Баарынан аша кечип, кайда барат деги?!* (Ашымбаев). *Эмнеликтен аша кечип жүрөсүң, Акбар иним?!* (Убукеев). *Акырын каалгышып жүгүнчү эле, Турмуштан туталанып аша кечип* (Турусбеков).

**АША ЧАБУУ** Чектен чыгуу, ашыкча кетүү, *Анча мактанбаңыздар, өтө аша чаап кетпеңиздер, – деди* (Бердикеев). *Кадыке, кантесиң, кээде эле ушинтип аша чаап кетмейиң бар* (Бердикеев). *Бул сөздөрүңдүн айрымдарына кошулсам болот эле, бирок аша чаап кеттиң?* (Медетов). *Аша чапкан жерим жок, Сукентай, өз керт башымдан өткөргөн үчүн айтып жатам* (Бердикеев). *Агасы кулак деле эмес экен, андай орто чарба кишилердин кээ бирин жаңылыштан, аша чапкандыктан айдаган каталык ачылып, кайра бошоткондо жолдо келатып, үйүнө жетпей каза болгон экен* (Айтматов).

**АШАР** Кандайдыр бир жумушту бүтүрүп алыш үчүн көпчүлүктү чакырып, тамак-аш берген адамга кол кабыш кылуу, жардамдашуу салты. *Ашарга журтун жыйдырды* («Манас»).

**АШАРАТ** 1. Конуз, курт сыяктуулар. 2. Боору менен жылып жүрүүчүлөр.

**АШАРЧЫ** Ашарга катышуучу адам.

**АШАТ I** Териге ашатки төгүп, күнгө коюу; терини ийлөө, иштетүү үчүн даярдоо.

**АШАТ II** 1. **аша I** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *өт.* Жаман сөздөр менен аябай сөгүү, тилдөө. *Айдараалы Тоозакты абдан ашата тилдеп баратты* (Абдукаримов). *Ата-бабасын, оозу-мурдун койбой жерге житире ашатты* (Бейшеналиев).

**АШАТКЫ** Тери ашатуу үчүн пайдалануучу ачкыл айран менен улпактын аралашмасы же ачкыл жарма. *Кырк эчкинин териси Ашаткыга жатыптыр, Чыгы менен катыптыр* («Манас»).

**АШАТКЫЛУУ** Ашаткысы бар, ашатки сүртүлгөн. *Ашаткылуу тери.*

**АШАТУУ** **ашат I** этишинин кыймыл атоочу.

**АШАТЫЛУУ** Ашатылган, ашатки сүртүлгөн. *Ашатылуу терилерди бирден алып, ашаткысынан арылтып, тарткы менен таарый баштады* (Үсөн).

**АШЕПКЕ** Ката, жаңылыш, ашыкча сүйлөө. *Ашепке сүйлөп кеп айткан, Осолдуктун белгиси* («Эл адабияты»). *Ашепке сөздү көп сүйлөп көпкөндүк кылба* («Чалкан»).

**АШКА АРАЛАШУУ** Катуу оорудан сакаюу, эл катарына кошулуу. *Биз дагы элжерге аман-эсен келип, ашка аралашып калдык* («Ала-Тоо»).

**АШКА ЖҮК, БАШКА ЖҮК** Өзүнчө эмгектенбей, бирөөгө салмагын салыш, анын эсебинен жан баккан, жатып ичер, аяк бошотор, жалкоо. – *Кайын журтуна алгач кадырлуу мейман болор, анан эч ишке жарабаган, ашка жүк, башка жүк күч күйөөлүккө чыдай алмакпы* (Айтматов). *Ашка жүк, башка жүк кылбай, мунуңу кетирсеңчи! Чын эмеспи, балдар чыгат осол, Ата-эненин ашына жүк, башына жүк* (Борбугулов).

**АШКАБАК** 1. Сөңгөгү, сабагы жерге төшөлүп өсүүчү, мөмөсү чоң тоголок же сүйрү жумуру болгон өсүмдүк. 2. Ошол өсүмдүктүн тамак же тоют үчүн колдонулуучу мөмөсү. *Күзүндө атамдын ашкабагынан казандай болгон бирөөнү сурап берем* (Бейшеналиев).

**АШКАБАК БАШ** Акылсыз, мээси жок, көндөй. – *Барбайлы деп, канча айттым, ашкабак баштар! – деп сөгүнүп баратат* (Осмоналиев).

**АШКАЗАН** Карын; тамак-ашты кабыл алып сиңирүүчү орган. *Ал деген бөйрөктү өлтүрөт, боорду жайлайт, ашказанды соёт, айтор, баарын...* (Усубалиев).

**АШКАЛДА** *диал.* 1. Бали, баракелде. 2. *өт.* шүкүр, кудайга шүкүр. *Тамак ичкенден кийин ашкалда деп бата кылышты.*

**АШКАН** Абдан, жеткен, барып турган. *Ашкан күлүк. Ашкан сулуу. Ашкан аяр Карагул, Алгараны алкынтып, Өзү минип бастырды* («Семетей»).

**АШКАНА** 1. Боз үйдүн оң жак капшытындагы чыгдан менен тосулуп, ичине тамак аш, идиш-аяк коюлуучу жай, эпчи жак. *Ашкана тараптагы... аял өчүп бара жаткан отко тезек жаңыртып калады* (Жантөшев). 2. Боз үйдүн ошол жаккы тарабына тартылуучу чий, чыгдан. *Чырмалган ашкана. Ашкананы калап коюу.* 3. Тамак бышыруучу бөлмө, кухня. *Апасы ашкана жакка басканда, Сапар төркү бөлмөгө кирди* (Сасыкбаев). 4. Көпчүлүк үчүн тамак-аш даярдап сатуучу жай. *Студенттердин ашканасы. Жумушчулардын ашканасы.*

**АШКАНАЧЫ** Ашкана ээси; ашканада иштеген киши. *Ашканачы жылуу маанай менен тосуп алды* (Жантөшев).

**АШКЕБИ** Өзү эчтеме кылбай, башкалардын эсебинен жашаган жатып ичер жалкоо,

аяк бошотор. *Сенин кызыңдай эчтемеге жарабаган ашкеби эмес Жылдызкан* (Байтемиров). *Падышаңдын тактыдан түшкөнүн уктуңбу, арам тамак ашкеби? – деди надсмотрщикке Харитонов* (Абдукаримов).

**АШКЕБИЛИК** Бирөөлөрдүн эсебинен жашоого көнгөн жалкоолук. *Ал Маматтын колунан эч нерсе келбеген ашкебилигин уккан эле* (Каимов).

**АШКЕРЕ I** 1. Кандай экендиги, эмне экендиги белгилүү, айдан ачык. *Бул үн булбулдуку эмес экендиги ашкере болду* (Жантөшев). *Ооруну жашырса, өлүм ашкере кылат* (макал). 2. Барып турган, бөтөнчө. *Ашкере, баатыр Табылды Кырга чыгып барды эми* («Эр Табылды»). *Ашкере сулуу Чүрөктөн Алакандай кат алып* («Семетей»).

**АШКЕРЕ II** *диал.* Ашык, артык баш.

**АШКЕРЕЛЕ** Чыныгы жүзүн көрсөтүү, бетин ачуу, ашкере кылуу, бети жоктугун көрсөтүү. *Калык кээ бир ырларында эзүүчүлөрдүн зулумдугун катуу ашкерелейт* («Ала-Тоо»). *Айрым чиновниктердин туура эмес иштерин мезгил ашкерелейт* («Эл сөзү»).

**АШКЕРЕЛЕН ашкереле** этишинин туюк мамилеси. *Кылмышы толук ашкереленди* («Чалкан»).

**АШКЕРЕЛЕТ ашкереле** этишинин аркылуу мамилеси.

**АШКЕРЕЛӨӨ ашкереле** этишинин кыймыл атоочу.

**АШКӨК** *диал.* Суюк ысык тамакка туурала турган өсүмдүктүн аты. *Ашкөк алып кел, тамакка кошолу.*

**АШЛЯМФУ** Буурчактын, картошканын крахмалынан уютулган килкилдеген муздак кесмеден кошуп жазалган тамак.

**АШМАЛТАЙ** Жакшы-жаман аралаш, жакшы-жаман сөзгө көндүм болгон. *Эт менен челдин арасында күн көргөн бир ашмалтай экенсиң* («Ала-Тоо»). *Ашмалтайы чыгып бүткөн эле* (Усубалиев).

**АШМАЧЫ** Тамак-аш бышыруучу, ашпозчу. *Калыбек келдиби? – деп, эң биринчи сурадым ашмачы аялдан* («Ала-Тоо»). *Бала ордунан туруп, ашмачыны көздөй басты* (Абдукаримов).

**АШМУШКЕ** *эск.* Кадактын сегизден бир бөлүгү. *Ашмушке чай.*

**АШНА ашына** менен бирдей.

**АШПОЗ** Тамак-аш бышыруучу, ашпозчу; ашмачы. *Ашпоздон мантуу жыты бурулдады* (Токомбаев). *Пияз аарчыган болуп иштеп, балким бара-бара ашпоз болуп кетермин деп ойлодум* (Абдукаримов).

**АШПОЗЧУ** Ашканада иштеген адам, ашмачы; ашпоз.

**АШПУРТ** *диал.* Алмурут.

**АШТА** Бир нерсени экинчи нерсеге эп келтирип кийиштир, бириктир (мис. кетмендин, балтанын сабын). *Керки ашта. Акман жаңы аштаган кетмендин сабын тегиздеп копшоду* (Сыдыкбеков).

**АШТАЙ** Абдан ашыгы менен өтө, эң эле. *Азабын аштай берели* («Манас»). *Азабым аштай катты* («Ала-Тоо»).

**АШТАЛ ашта** этишинин туюк мамилеси.

**АШТАЛУУ** Бири-бирине уланган (каңдалган, бекитилген, туташтырылган). *Ашталуу жыгачтардан аттарды секиртип-секиртип өтүп кетишти.*

**АШТАМА I** Аштап коюуга боло турган, аштап коё тургандай жасалган. *Аштама керки.*

**АШТАМА II** Кол менен килем согуу үчүн атайын жасалган калып (станок). *Аштамасы тал экен, Килемчи чебер кайда экен* (фольк.).

**АШТАМА КЕРКИ** Сабы желкесинен (керкинин боюн көздөй) шыкалып ашталуучу керки.

**АШТАМАЛУУ** Ашталып жасалган жерлери көп (*мисалы,* дарбазанын). *Эбегейсиз чоң аштамалуу дарбаза кыйчылдап акырын ачыла берди* (Үсөн).

**АШТАН БЫШЫК** Ачык-айкын, даана. *Сен молдосуң, сени болсо кулак кылышары аштан бышык* (Касымбеков). **В.: Аштан айкын.** *Күнөөлүүсү ошол экени аштан айкын* («Агым»).

**АШТАР (наштар)** *эск.* Кош миздүү (эки жагы тең миздүү) болот бычак. *Аштар алып колуна Тилип жаткан андан көп* («Манас»).

**АШТАРЛА** Аштар менен кесип салуу, кескилөө. *Токтогон окту аштарлап, тилип жаткан андан көп* («Манас»).

**АШТАТ ашта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АШТАШ** Бирине экинчиси ашталган, бириккен жери, тоому. *Омуртканын ашташы. Жамбаш менен жото жиликтин ашташы. Эки жыгачтын ашташы.*

**АШТОО I** Малга жем, суу, туз берүүгө ылайыкталып, жыгачтан ашталып жасалган ноо, акыр. *Аттардын аштоосуна сулу төгүп салыптыр* (Токомбаев). *Койлор аштоолорго карай жүгүрүп, жемге келе баштайт* («Ала-Тоо») .

**АШТОО II ашта** этишинин кыймыл атоочу.

**АШТООЧ** Аштай турган буюм. *Устанын жанында аштооч буюмдары чачылып жатты* (Үсөн).

**АШТЫГЫҢ ЧИЙКИ ОРДУКПУ к. Арпаңды кам ордукпу?**

**АШТЫК** Айдалган дан эгиндери жана анын даны, түшүмү. *Мыктыбек ар кимдин аштыгын айдап, чөбүн чаап, кара жанын карч уруп жүрүп үй-бүлөсүн баккан неме эле* (Каимов). *Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу* (макал). *Батырактардын аштыгы*

*көп, карды ток* (Элебаев).

**АШТЫКТУУ** Аштыгы көп, аштыгы мол. *Быйылкы жыл берекелүү болуп, аштыктуулар арбын* (Осмоналиев).

**АШТЫКЧЫ** Эгин айдап, дыйканчылык ишин жүргүзгөн, дыйкан адам. *Андан көрө мен эми, Аштыкчы болуп кетейин* («Манас»).

**АШТЫМКАНА** Аштык сакталуучу жай, кампа.

**АШТЫР аш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**АШУГ** 1. *адаб.* Кавказ элдеринде жана түрктөрдө музыкалык аспаптардын коштоосу менен дастандарды, элдик ырларды жана өзүнүн чыгармаларын аткарган киши. 2. Кээ бир Кавказ калктарынын (азербайжан, армян, дагестан) калк жарчысы, ырчысы, акыны.

**АШУК ашуг** менен бирдей.

**АШУЛА** *диал.* Ырдала турган обондуу чыгарма, ыр.

**АШУРА** *дин.* Мухаррам айынын 9унда өткөрүлө турган диний майрамдын аты.

**АШУУ I** Тоо кыркаларынын адам ашып өтүүгө мүмкүн болгон ыңгайлуу жери. *Бийик ашуу. Тар ашуу. Талдык ашуусу. Эл ашуудан эптеп ашып кетти* (Элебаев).

**АШУУ II аш II** этишинин кыймыл атоочу.

**АШУУЛУУ** Ашуусу бар. *Ашуулуу аска тоолор.*

**АШУУН** Белгилүү өлчөмдөн бир аз көп, ашыгыраак. *Жүздөн ашуун. Барман эли да миң түтүндөн ашуун* (Сыдыкбеков).

**АШЫГЛЫК** *диал.* Сүйүп калгандык, сүйгөндүк, ашыктык, махабат. *Перштедей бир көрүнүп көзүмө, Ашыглыктын баштап койдуң «согушун»...* (Байзаков).

**АШЫГУУ ашык II** этишинин кыймыл атоочу.

**АШЫГЫ АЛЧЫ ТУРУУ** Иши оңолуу, тилеги орундалуу, максатына жетүү, *Эгиндүүлөрдүн ашыгы алчы туруп, өтө кылдаттык менен түйтүна башташты* (Абдукаримов). **В.: Ашыгы айкүр туруу.** *Мелис менен Асанбектин ашыгы айкүр туруп, таң эртең менен алыскы сапарга жол тартып бара жаткан* («Кыргызстан маданияты»). **Ашыгы алчы конуу.** *Азыр алардын ашыгы алчы конуп турган кези* («Агым»).

**АШЫГЫЧ** *туурасы:* **ашыгыш.**

**АШЫГЫШ** Кечиктирүүгө болбогон, шашылыш. *Мукаш эрксизден бура тартып: – Ашыгыш ишке бараттым эле, – деди* (Сыдыкбеков).

**АШЫК I** Чүкө. *Ашык атып ойногон Балдар аман жатабы?* («Семетей»). *Шайызында жети жашка чыгып алды, Ашык ойноп жаш балдарга ойбой салды* («Эл адабияты»).

**АШЫК II** 1. Белгилүү ченден, өлчөмдөн көп, артык, арбын. *Төлдөтүп ашык чарбасын Төшүнө жылдыз тагынган* (Осмонкул). *Планын ашык толтуруп, Путтап шекер, кант алган* (Нуркамал). 2. Чектен, нормадан чыгып кеткен, ашкерелиги бар. *Болуптур, ашык сөзүм болсо кечирип кой* (Сасыкбаев). 3. Артыкчылыгы бар, өйдө, жогору, мыкты. *Сенин элден ашык болуп кеткен эчтемеңди көрө албадым* («Чалкан»).

**АШЫК III** Жакшы көргөн, сүйгөн, сүйүп калган. *Ашык болуу. Ашык жары Кишимжан, Ак үйдөн чыкты керилип* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АШЫК IV** Шашуу, шашылуу. *Конвертти ачып, катты окууга ашыктым* («Агым»)

**АШЫКМАШЫК** *диал.* Ачып-жабуу үчүн кызмат кылуучу эшиктин ж.б. туруму.

**АШЫКТУУ** Ашыгы (чүкөсү) бар. *Ашыктуу жилик.*

**АШЫКТЫК I** Сүйүү, бири-бирин сүйгөндүк, берилгендик. *Ашыктыктан ырдасам Уяласың, Мырзайым* (Барпы). *к.* **ашыглык.**

**АШЫКТЫК II** 1. Көптүк, артык баштык. *Дагы миңдеген баш мал жайылса да, ашыктык кылбай турган кенен жайлоо экен* («Ала-Тоо»). 2. Орунсуздук, ылайык келбегендик. *Ашыктык кылбаса, агатай, иниңиздин бул сөзүн көңүлүңүзгө сактарсыз* («Ала-Тоо»).

**АШЫКТЫР ашык IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**АШЫКТЫРУУ** Шаштыруу; «бол эле бол» деп демитүү. *Ашыктыруу деген бизде болбойт, жай эле жөнөйбүз* (Жусубалиев).

**АШЫКЧА** 1. Арбыныраак, ашыктыгы бар, артык баш. *Анын мындан ашыкча малмүлк кылайын деген деле ою жок* (Абдукаримов). 2. Артыкча, чектен ашкан, орунсуз болуп калган, аша чапкан. – *Мага айткан сөзүңдө бир да ашыкча кеп жок, уулум – деди Кулбаш* (Абдукаримов).

**АШЫМ** 1. Мухаммед пайгамбардын уруусунун аты. 2. Энчилүү ат.

**АШЫН** Барган сайын күчөө, өөрчүү, арбый берүү. *Ысыгы ашынды. Биздин элдин кубаты Барган сайын ашынган* (Барпы). *Өрттөнүп ичим күйүп, ашынды арман* (Турусбеков).

**АШЫНА** Жакшы мамилелүү, мамилеси жакын адам, мамилелеш; кошуна. *Сергей деген орус менен көңүл жакын ашына болуп калдым* (Таштемиров).

**АШЫНАЛЫК ашына** дегенге таандык. *Ашыналык бекем достукка өттү* (Каимов).

**АШЫНТ ашын** этишинин аркылуу мамилеси.

**АШЫНУУ ашын** этишинин кыймыл атоочу.

**АШЫҢ БОЛБОСО ДА КАШЫҢ ЖОКПУ** «Эч болбосо жакшы сөзүң, жайдары мүнөзүң, жылуу мамилең менен ыраазы

кылбайсынбы» деген мааниде айтылат.

**АШЫП-ТАШЫП** Өтө көбөйүп, батпай кетүү, өтө арбып, күч алуу. *Асылдым, бир сулууга болдум ашык, Махабат ичке батпай ашып-ташып* (Алыбаев).

**АШЫР аш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Кырдан ашыра кууду. Планды ашыра орундатуу.*

**АШЫРКЫ** *сейр.* Алыскы, алыс жактагы. *Ашыркы журт.*

**АШЫРМА** Ашырып жибере турган, чектен өткөрүп жибере турган.

**АШЫРТ** Кимдир-бирөөнүн жардамы менен ашырып жиберүү.

**АШЫРУУ** 1. Тоодон, ашуудан, белден ары өткөрүү. *Көрүнгөн белден эптеп ашыруу анын милдети эле* (Жантөшев). 2. Кайсы бир чектен, ченден өткөрүп жиберүү. *Болжогон чектен ашыруу максат эмес, толсо эле болду* (Жусубалиев).

**АШЫРЫЛ ашыр** этишинин туюк мамилеси. *Булардын бардыгы эчак эле ишке ашырылган* («Агым»).

**АЭД** *адаб.* Байыркы Грецияда б.з.ч. 8–7 кылымда эпикалык ыр чыгарган жана аны эл алдында аткарган ырчы.

**АЭРОБИКА** Музыканын коштоосу менен тез бийлөө элементи бар ритмикалык гимнастика.

**АЭРОБИЛЕТ** Самолёт менен учуу үчүн жүргүнчүлүк билет. *Жүргүнчүлөр аэробилеттерин көрсөтүп андан ары өтүп жатышты* («Адабий Ала-Тоо»).

**АЭРОБИОС** *биол.* Кургакта жашаган жандыктардын баарысы.

**АЭРОБУС** Көп жолоочуларды ташууга арналган аба автобусу.

**АЭРОВОКЗАЛ** Аэропорттун вокзалы.

**АЭРОДИНАМИКА** Абанын жана башка газдардын кыймылын, алардын телолорго болгон каршылык күчүн үйрөтүүчү илим.

**АЭРОДРОМ** Учуучу аппараттар турууга, учууга, конууга ылайыкталып жасалган аянтча, орун.

**АЭРОЖҮРГҮНЧҮ** Самолёт менен учуп кетүүчү жүргүнчү. *Аэрожүргүнчүлөрдүн паспорторун текшерип жатышты.*

**АЭРОЗОЛДОР** *геол.* Түтүн же туман өңдөнгөн катуу же суюк бөлүкчөлөрдөн турган газ сыяктанган заттар.

**АЭРОКАССА** Самолётко билет сатуучу касса. *Катар турган аэрокассалардын бирине барып, кезектегилердин артына турду* («Адабий Ала-Тоо»).

**АЭРОКАТТАМ** Шаарлар аралык самолёттордун үзгүлтүксүз каттоосу. *Бишкек-Ош аэрокаттамы, Бишкек-Стамбул аэрокаттамы.*

**АЭРОКЛУБ** Аба ишин, учуучу аппараттарды үйрөнүүчүлөрдүн клубу.

**АЭРОНАВИГАЦИЯ** Учуучу аппараттарды белгиленген жол менен жиберүү, жүргүзүү жөнүндөгү илим; аба навигациясы.

**АЭРОПЛАН** Абадан оор болгон учуучу аппарат, самолёт.

**АЭРОПОРТ** Транспорттук авиациянын регулярдуу учууларын камсыз кылып туруу үчүн зарыл болгон бардык жасалгалары бар, аба жолунун трассасына жайгашкан аэродром.

**АЭРОСТАТ** Газ өткөрбөс кабыкка (ар канай формадагы) тыгыздыгы абадан аз газдарды (суутек, гелий, ысытылган аба) толтурганда пайда болгон аэростатикалык көтөрүү күчүнүн жардамы менен учуучу жеңил аппарат.

**АЭРОСЪЕМКА аэрофотосёмка** менен бирдей.

**АЭРОФЛОТ** Россиянын шаарлар аралык аэрокаттамдарды аткаруучу компаниясы. *Чет өлкөлөргө Аэрофлоттун самолёттору менен Бишкектен эле учса болот.*

**АЭРОФОТОСЪЕМКА** Самолёттон туруп жердин сүрөтүн тартып алуу.

**АЮУ** Дүңкүйгөн чоң денелүү, калың жүндүү, сүт эмүүчү жырткыч айбан. *Бул тоолордо илбирс, жолборс, аюу көп* (Сасыкбаев).

**АЮУ ОТУ** Тоодо өскөн тамыры дары чөп. *Аюу отунун тамырын чайнаса, тамак ooру айыгат.*

**АЮУЧА** Аюуну туурап; аюудай болуп. *Карасаң, мотоцикл тээп жүрөт, аюуча жоксуңар* (Бейшеналиев).

**АЯ I** 1. Сырдуу белги, жышаан, кереметтүү көрүнүш, кереметтүү сыр. Кээде өзгөчө сапат, касиет маанисинде да айтылат. 2. Ыр, ыр курамы. *Аясы артык ар канча* («Манас» С.О.). *Ая уят болгон соң* («Манас» С.О.).

**АЯ II** 1. Боору ооруу, жаны ачуу, кыйбоо. *Жоо аяган жаралуу* (макал). *Динарды азыр чоң эне ичинен аяды* (Сыдыкбеков). 2. Ыраа көрбөө, бергиси келбөө. *Берем, бербей кантип коёюн, Андрейден аяган тамак курусун* (Байтемиров).

**АЯБАЙ** Эң эле, абдан. *Аябай жедим. Аябай кургады. Аябай ыраазы болду.*

**АЯГЫ** Кинофильмдин, драмалык чыгарманын ж.б. бүткөндүгүн, аякталышын көрсөтүү үчүн колдонулат.

**АЯГЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** 1. Эпилдеп, абдан элпек кыймылда болуу. *Улан-кыздар аягы жерге тийбей кызмат кылып жүрүшөт* («Жаш ленинчи»). 2. Бир жерге тынчып тура албоо, ары-бери жүгүрө берүү. *Ачейке карыя Жолбуновдун аягы жерге тийбей калышынан шек алып, сыртынан көзөмөлдөп калган экен* (Убукеев). *Аяк жерге тийбей, тил оозго батпай турганда... ач кулактан тынч кулак* (Тойбаев).

**АЯГЫ АСМАНГА ЧЫГУУ** 1. Бети ачылуу, маскара болуу. *Тапкан бирөө милицияга тапшырат... ошентип, аягыбыз асманга чыгат* (Осмоналиев). *Анын Сабыржан эке-*

*нин эл билсе, экөөнүн тең аягы асманга чыгып, талпактары ташка жайылмак* (Жантөшев). *Эртең болуш шайлангандa аягың асманга чыкканы турат* (Укаев). 2. Талкалануу, кыйроо, ойрон болуу. *Алар кылт коюп башка бирөөгө кошулуп кетишсе, биздин аягыбыз асманга чыгат* (Жантөшев).

**АЯГЫ ЖЕҢИЛ БОЛУУ** «Тез сакайып кет», «тезирээк баш көтөр» деген мааниде, көбүнчө, оорулуу адамды көргөнү баргандар тарабынан айтыла турган каалоо. *Болуптур биз кетелик, аягыбыз жеңил болсун!*

**АЯГЫ МЕНЕН ТИК ТУРУУ** Бирөөгө жан аянбай кызмат кылуу, жан дили менен берилип иштөө. *Эрке кыз карыса да кубаттанып, аягы менен тик туруп кызмат кылды* (Байтемиров). *Андан кийин келимкетимди күтүп, аягы менен тик турду* (Абдукаимов). **В.: Тикесинен тик туруу.** *Баса, атам мени менен сени дегенде тикесинен тик турат* («Ала-Тоо»). *Төл убактысында, жалаң койчулар эмес, сакманчылар да тикесинен тик турбаса болбойт* («Кыргызстан маданияты»).

**АЯГЫ ООРДОО** Баса албай кыйналуу, кадам шилтөөсү кыйындоо, араң басуу. *Айкүнүнө жакындаган сайын аягы оордой берет эмеспи* (Укаев). *Элеман аялынын аягы оордогондон бери күндө эрте ойгонуп, үйдүн бардык чарбасын тындырып кетет* (Укаев).

**АЯГЫ САЙ ТАППОО** Бир жерге байыр алып тура албай, тентиреп кыдырып жүрө берүү. *Алар бирде анда, бирде мында, деле аяктары сай таппайт* (Бектенов). *Кара башы каржалып, аягы сай таппай нечен жыл каңгыбадыбы* (Бейшеналиев). *Сөзүнө турбай, мени жаш балача алдап, аягы сай таппаган селсаяк, терс аяк ырчыны кызыңа күйөөлөтүп...* (Бейшеналиев).

**АЯГЫ СУЮК** Жүрүш-турушу начар, жүрдөөк, туруксуз, жеңил мүнөз. *Биринчиден, бул аялдын аягы суюк, Кармыштын көзүнө чөп гана эмес, дөңгөчтү тобу менен салып жүрөт* (Эшимбеков). *Бирок хандын аялынын аягы суюк болуптур* («Ала-Тоо»).

**АЯГЫ СУЮЛУУ** Азаюу, сейректөө, бирин-серин боло баштоо. *Орозбай болсо бул иштин аягы суюлуп кетти деп ичинен жымыйып калган* (Өгөбаев). *Анан калса ушундай кишилердин аягы суюлбай чыга бергенин кантесиң* (Айтматов). *Соодагер жасакерлердин аягы суюла түшкөн күндүн биринде Байымбет Дүргө зыярат жасады* (Бейшеналиев).

**АЯГЫ ТЫЙЫЛУУ** Токтолуу, болбой калуу, жок болуу. *Колхоздо ээн-эркин көчө таптап жүргөндөрдүн аягы тыйылды* (Медетов). **В.: Аягы үзүлүү.** *Апасы менен тууш-кан таякелери эне-атасынын көзү өтө электе каттап калышчу эле, эми алардын да аягы үзүлдү* (Өгөбаев). *Бирок аркайган аска-зоолор күндөп-түндөп карышкыр тууп жаткансып аягы үзүлбөйт* («Ала-Тоо»).

**АЯГЫНА ЖЫГЫЛУУ** *к.* **бутуна жыгылуу.**

**АЯГЫНА ЧЫГУУ** 1. Жоготуу, түгөтүп бүтүү. *Карабек тобокел деп акчасына кийим алат, ошентип, торпоктун акчасынын аягына чыгат* (Каимов). 2. Иштеп бүтүү, орундоо, аткаруу. *Баштаган ишти аягына чыгармайынча жаным жай албайт – деди Ашым* (Каимов).

**АЯГЫНАН ЧАҢ ЧЫККАН** Тың, бышык, өтө чыйрак. *Көрсө аягынан чаң чыккан бышык киши экен* (Осмоналиев).

**АЯГЫНДА** Акырында, акыры. *Сенин сөзүңө, аягында, менден башка түшүнө койчу киши жок го дейм* («Чалкан»).

**АЯЗ** 1. Таза, тунук, ачык. *Аяз көк. Аяздын көркү музда бар. Алгырдын көркү куш-та бар* (Токтогул). 2. Бетти тызылдаткан катуу суук, ызгаар. *Кыштын күнкү катуу аязда терезелерге муз тоңуп, бубак түшүп, бети-колду жалап-жуктаган учур көп болчу эмес беле* («Ала-Тоо»).

**АЯЗ АТА** Жомокто аязды билдирүүчү ап-пак сакал-муруту бар, ак тон жана ак тебетей кийген карыя. *Тим эле аяз атага окшойсуң* (Байтемиров). *Келди кошо качырып, Аяз ата аксакал* (Үмөталиев).

**АЯЗДУУ** Аяз болуп турган, аяз күчүнө алган. *Аяздуу түн. Аяздуу түндөгү Сагындын бийик үңү аскаларды жаңыртып, алда кайда кетет* (Жантөшев).

**АЯЙ I** Жаш балдардын жүзүнүн, кийиминин абдан жакшы экенин белгилеп эркелете айтылчу алкоо сөз.

**АЯЙ II Кызамыкты** тергеп айтат.

**АЯК I** 1. Адамдын, канаттуулардын, айбандардын басуу үчүн кызмат кыла турган мүчөсү. *Акбар аягын тазалап, секретардын кабинетин карай бет алды* (Убукеев). *Мышык жеңил секирип, эки арткы аягы менен тура калды* (Сыдыкбеков). 2. Ар кандай буюмдардын эмерек, жерге тийип турган бөлүгү, буту. 3. Акыры, бүтөр мезгили, бүткөн жери. *Көчөнүн аягы. Август айынын аяк чени. Айганыш окуянын аягын угууга чыдамсызданганын билгизди* (Байтемиров).

**АЯК II** 1. Жыгачтан тегерек оюп жасалган идиш. *Сыр аяк. Бактыгүл аш айран куйду да, аякты эрине сунду* (Сыдыкбеков). 2. Жалпы эле аш куюп иче турган идиш. *Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет* (макал). *Жаманга чоң аягыңды көрсөтпө* (макал).

**АЯК III** *сүйл.* Ал жак, ошол тарап. *Аякта сага эмне бар?* («Чалкан»).

**АЯК АЛЫП ИЧЕР УЛУУ**. Жаш жагынан анча-мынча, бир аз гана улуулугу бар. *Жапар менден аяк алып ичер улуу* («Агым»).

**АЯК АСТЫ КЫЛУУ** Кордоо, басынтуу,

басмарлоо. *Кантип эле мына ушунун баарын аяк асты кылат?* (Абдукаимов).

**АЯК БАСУУ** Белгилүү жашка, мөөнөткө толуп, андан ашуу, өтүү. *Алтымыш ашып, жетимишке аяк баскан кезим бул* («Эр Табылды»).

**АЯК-БАШЫН ЖЫЙНОО** Бир нерсеге ылайыкталып даяр болуу. *Кабарчы келет, аяк-башыңды, айтар сөзүңдү камда* (Егиналиев).

**АЯК-БАШЫН ТАППОО** Эмне болуп кеткенин билбей чаташып калуу, жаңылышып калуу. *Өлчөм уйкаштарына келгенде ырдын аяк-башын таппай калды* (Абдукаимов).

**АЯК БОШОТООР** 1. Жатып ичер, жан бакты, бекер оокатка көнгөн, жалкоо. *– Э, аш ичип, аяк бошотор болдук дечи* (Укаев). *Кыйратып ийдиң беле?.. уйку, тамак,... Ох аяк бошотор* (Осмоналиев). 2. Эмгек кылууга жарабаган (жашы жете электигине, же кары-картандыгына карата). *Сокурмун, элге пайдасызмын, аяк бошотормун* (Жусупов). *Өзүнөн башкасы али аяк бошотор* (Өмүрбаев).

**АЯК КАП** Аяк сала турган атайын баштык (көчкөндө атка же төөгө артканда сынбас үчүн идиштерди чырпыктан согулган, жыгач капкагы, кайыш боосу бар атайын аяк капка салышкан). *Чыгдандагы чыны кап, аяк кап, көөкөр, көнөчөктөр, булуңдагы куткун, куюшкан, айырмач, желдик, жан аяктар сыртка ыргытылды* (Турсунов).

**АЯК ООНА** Кыргыздын элдик жыл сүрүү календарынын жетинчи айы, август айына туура келет.

**АЯК ӨӨДӨ** Ылдыйтан, төмөн жактан жогору карай. *Аяк өөдө шамал болсо, бул суу кайра агып бараткандай сезилет* (Жантөшев). *Көчөттү аяк өөдө отургузуп келатышкан Сабырлар бул кезде аяктын башына чыгып калышкан* (Сыдыкбеков).

**АЯК СЕРППӨӨ** Эч кыймылга келбөө, сулк жатуу. *Качан темирдин курч мизи маңдайына бата түшкөндө каңк этип, аяк серппей сулады* (Осмоналиев).

**АЯК ЫЛОО** Мингенге эптеп жараган унаа. *Ат жоктон көрө аяк ылоо болбойбу, эптеп айыл арасында бастырып жүрсүн, кунанын берип жибер* («Ала-Тоо»). *Ат тапканча аяк ылоо деп, айыл-апага бара калганда илкитип мине калат* (Баялинов). *Башка адамдан аяк ылоо алып, Ак-Талааны карай ооган* (Осмоналиев).

**АЯККЫ** Арт жактагы, акыркы, башкалардын артындагы, соңку. *Көчөнүн аяккы жагы. Чүй өрөөнүнүн аяккы бөлүгү.*

**АЯККЫ ТАНАП** *аңч.* Тордун аягын байлаган жиби.

**АЯККЫ УЙКАШ** *адаб.* Уйкаштыктын ыр жолунун эң аягында келиши. *Жомоктогу Аккуланын* ***тукуму****, Жел жетпес анык тулпар* ***ушубу?*** (Сарногоев).

**АЯКСЫЗ** Ың-жыңсыз, белгисиз, дайынсыз, эч дайыны жок. *Хан өзүнүн чачын алган соң аяксыз жоголчу кургурду элге чүчүкулак карматуу аркылуу тандай баштайт* (Насирдинов). *Ат аяксыз жоголду.*

**АЯКТА** 1. Аяк, бут менен аракет кылуу (басуу, жүгүрүү). *Төрт аяктап чуркоо. Кош аяктап тебүү.* 2. Аягынан жөлөп көтөрүү, буттап жиберүү. *Бурмаке тышка чыгып, мени аяктап, учкаштырып койду* (Элебаев). 3. Аягына чыгуу, бүтүрүү, бүтүрүп коюу. *Чогулуш аяктады. Сөзүңдү аякта. Чигит эгүү сапаттуу аяктады* («Кыргызстан аялдары»).

**АЯКТАЛ аякта** этишинин туюк мамилеси.

**АЯКТАТ аякта** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЯКТОО аякта** этишинин кыймыл атоочу.

**АЯКТУУ** Аягы бар (чолок эмес), буту бар.

**АЯКЧЫ** Элге аяк сунуп, аяк берип туруучу. *Кыздуу үйдө кыякчы, кымыздуу үйдө аякчы* (макал).

**АЯЛ I** Зайып, эрге тийген ургаачы, эркектин жары, жубайы. *Жаш аял. Колхозчу аял.*

**АЯЛ II: аял кыл** Токтоло туруу, жайлап калуу, аяндоо. **к. аяң II; аяр II.**

**АЯЛ-БУЯЛ: аял-буялга келбей** Баш-аягын жыйдырбай арыдан-бери, бир заматта, токтолбостон. *Ашынган Оросул аял-буялга келбей, алка жакадан алып, көгөргөн Эсирди ээрге басты* (Осмоналиев). *Мунун аял-буялга келбей аттанганына караганда каардуу окуя бардай* (Бейшеналиев).

**АЯЛ ЖАНДУУ** Айланчыктап аялдардын жанынан чыкпаган, аялдарга жакын эркек.

**АЯЛДА** Акырындоо, жайлоо, токтой туруу, аяндоо, аярдоо.

**АЯЛДАМА** Көчөдө, жол боюнда автобустар, троллейбустар токтой турган жай. Токтоп, күтө турган жер. *Экөө жамгырдан корголоп, аялдаманын далдасында турду* (Турсунов). *Аялдамага келип отура кетти.*

**АЯЛДУУ** Аялы бар. *Бойдоктор да, аялдуулар да бир эле катарга тизилишкен.*

**АЯЛДЫК** 1. Аялдарга таандык сапаттар, аял экендик. *Аялдын аялдыгы эмнесинде? А балким, толукшуган келбетинде* (Мамеев). 2. **аял** дегенге таандык.

**АЯЛДЫККА АЛУУ** Үйлөнүү, аял кылып алуу.

**АЯЛМЕТ** Бүлөлүү, көп балалуу. *Тотойго окшогон жаш аялметке бергиле, мен өзүм эле эптеп оокат кылам, – дейин деди эле, бирок ошого батына албай мукактанып сүйлөй албады* (Айтматов).

**АЯЛУУ** Аяй турган, аянычтуу. *Аялуу буюм. Атасынын көрү, мен кайсы аялуу кул элем* (Элебаев).

**АЯН I** Боло турган иш, окуя жөнүндө алдын ала билинген белги, жышаан. *Түшүнө аян берүү. Алиманым ай, аян көрдүң беле, эмне*

*үчүн ушунча боздоп асылдың?* (Айтматов).

**АЯН II** Пайда, кандайдыр бир нерседен түшкөн олжо, табылга. *Аян кылуу. Аян табуу.*

**АЯН III ая** этишинин өздүк мамилеси. *Аянбай эмгек кылуу.*

**АЯНДА** Белгилүү кылуу. *Ар кайрыгы аалам сырын аяндап, Алоолонтот арзуу отун кандагы* (Өмүрканов).

**АЯНТ** 1. Белгилүү чектин ичиндеги жер бети. *Айдоо аянты. Пахта аянты.* 2. Шаардын же кыштактын чегиндеги ээн, бак-дарагы, курулушу жок жер. *Кыштактын ортосундагы аянтка эл көп чогулган* («Кыргыз руху»). 3. Чоң шаарларда майрамдарды, башка шаан-шөкөттүү жүрүштөрдү өткөрүү үчүн атайын асфальт же таш төшөлүп жасалган бош жер. *Жүрдүк анын тротуарын, аянттарын аралап* (Эралиев). *Бишкектин борбордук аянты «Ала-Тоо аянты» деп аталат.*

**АЯНЫЧ** Бирөөнү же бир нерсени аяган, жаны ачыган сезим. – *Менде эмне кеп? – деп энем бир түрдүү аяныч көз караш менен мен жакка карады* (Жантөшев). *Аяныч үндөн жаңырып кулак, Толгоно Дилбар жыгылды кулап* (Абдыраманов).

**АЯНЫЧТУУ** Аяй турган, жанды кейитме, адамдын боору ооругудай. *Акунжандын кебетеси кыздын көзүнө аяныччтуу көрүндү* (Байтемиров). *Карыпка кандайдыр эң эле аяныччтуу сезим пайда болду* (Абдукаримов).

**АЯҢ I** Жай басык, акырындык менен жылып отурган жүрүш. *Отрядчылар аттардын аяңы менен чубап калышты* (Сасыкбаев). *Ашыр аттын аяңына жараша арыштап, кыйкырып коюп келе жатат эле* (Сыдыкбеков).

**АЯҢ II: аян кыл** Токтой туруу, күтүү, аялдоо, аярдоо. *Жулма болгон Карагул, Аяң кылып турбастан, Аттын башын бурбастан* («Семетей»).

**АЯҢ III** Этият.

**АЯҢ-БУЯҢ: аяң-буяңга келбей** Буйдалып отурбастан, тез эле, созбостон. *Аяң-буяңга келбей жүрүп кете бергидей бардыгы шайма-шай болуп турат дейсиңби* («Ала-Тоо»).

**АЯҢДА** Жай жүрүү, жүрүштү, басыкты акырындатып же токтоп күтө туруу. *Алдыбызда бараткан машке кулактарын тикчийтип, аяңдай калды* (Каимов).

**АЯҢДАТ аяңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЯҢДОО аяңда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЯР I** 1. Куу амалдуу, шылуун, митайым. 2. Сыйкырчы дубакөй, каалаганын болтуруучу сырдуу дубаны – атайын окууну билген адам. *Аяр экен акыр деп* («Манас» С.О.). *Төгөрөктөн кабардар Төрт аяры дагы бар* («Манас» С.О.). *Алтымыш аяр, миң балбан, Арстан өзүм баш болуп* («Манас»). 3. Алдыартын байкап иш кылган кыраакы, этиет. *Алооке деген хан экен, Аяр чалыш жан экен* («Манас»). *Ашкан аяр Карагул, Алгараны алкынтып, Өзү минип бастырды* («Семетей»). *Эне Татыбектин кыжырына тийбөө үчүн аяр мамиле кылды* (Байтемиров). *Аяр басып, алдыртан карашып, кыздар, келиндер киришти* (Сыдыкбеков).

**АЯР II аяң II** менен бирдей. *Элдияр баатыр ылдамдап, Аяр кылбай чамдагын* («Эр Табылды»). *Алдымдан туура качып өт, Аяр кылбай шашып өт* («Эр Табылды»).

**АЯРДА** 1. Этият кылуу, абайлоо, чебердөө. *Кузьма көчүгүн басып, колундагы түйүнчөгүн жерге аярдап койду (Сасыкбаев).* 2. Токтоо, күтө туруу, аяңдоо, аялдоо. *Баягы Гаврил айткан эки айрылышка келгенде, тору аярдай калды* (Элебаев). *Аярдабай аттан деп, Кудаке аралап элди кирди дейт* («Олжобай менен Кишимжан»).

**АЯРДАН аярда** этишинин өздүк мамилеси. *Ат откоруп, тынч алып Аярданып турбайлы* («Олжобай менен Кишимжан»). *Аста басып аярданып, Тура турчу, сулуу кыз* (фольк.).

**АЯРДАТ аярда** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЯРДОО аярда** этишинин кыймыл атоочу.

**АЯРДЫК** Айлакерлик, амалкөйлүк, алдын ала сезе билме билгичтик, кыраакылык.

**АЯРЛА аярда** менен бирдей.

**АЯШ** 1. Досунун аялы (эркекке карата) же күйөөсүнүн досу (аялга карата). *Алтын айнек нур жүздүү, Аккан аяш аманбы?* («Курманбек»). 2. Досунун аялына же күйөөсүнүн досуна кайрылганда айтылат. – *Ой, Көчөр, аяш менен тааныштырбайсыңбы* (Бейшеналиев).

**АЯШ АПА** Достун апасы.

**АЯШ АТА** Достун атасы. *Келиңиз, аяш ата, отура туруңуз* (Макенбаев). *Чоң Абаң Бакыны, аяш атаң Жакыпты чакырып кел* (Үсөн).

**АЯШ ЭНЕ аяш апа**.менен бирдей.

# Б

**Б** *к.* бэ.

**БАА I** Чочуганда, катуу коркකондо колдонулат. *Айтып кабар бергенде, Бай бакырды «баа» деди* («Манас»). *Шарип «баа» бакырып, сендиректеп барып, чоң үкөктүн үстүнө чалкалай отурду* (Бейшеналиев).

**БАА II** Бир нерсенин, товардын акча бирдиги менен же башка бир затка теңештирүү аркылуу көрсөтүлгөн наркы. *Мамлекеттик баа. Базар баасы. // Тогуз улак бириксе, Баасы жалгыз тайдай жок* (Токтогул). 2. Бирөөнүн, бир нерсенин же кандайдыр бир иштин сапатын, өзгөчөлүгүн белгилөө үчүн берилген маани. *Барктуу кары Мукемди, Баа берип элиң сыйлады* (Осмонкул). *Майлы-Сайдын ичинде, Баасы артык нефти кеним бар* (Осмонкул). *Эмгегиңе баа берип, өкмөт сизди сыйлады* (Тоголок Молдо). // *сын. м.* Кымбат, баалуу, кымбаттуу. *Жакшы аттар абдан баа экен* (Бейшеналиев). *Калың калмак ичинде, Баатыр элең кымбат баа* («Курманбек»). *Баарысынын баасы Баатырым Чубак келатат* («Манас»). 3. Окуучулардын билим деңгээлин, жүрүш-турушун көрсөтүүчү белги, балл. *Жакшы бааларда окуу. Канааттандырарлык эмес баа. // «5» деген баада бүтүргүн, Жыйнактап жылдык сабакты* (Нуркамал).

**БАА ЖЕТКИС** Мыкты, абдан маанилүү, абдан баалуу. *Ким сынап, ким баа берет өлчөп-ченеп, Баа жеткис дастандарды жазган өзүң* (Үмөталиев). *Гүлайымдын келиши энесине баа жеткис чоң жардам болду* (Абдукаримов). Жеңил баа *к.* жеңил.

**БААБЕДИН** 1. Орто Азия элдеринин эпосторунда жардам суроо, жалынуу иретинде кайрылганда айтылуучу Бухаранын колдоочусу Бахауддиндин тыбыштык жагынан өзгөртүлүп колдонулган аты. *Кыз Куялы, Сейтек эр, Баабединден бага алып, Калайыкты чакырып, Жатышты журту жай алып* («Сейтек»). 2. Ар түрдүү кырсыктардан, жамандыктан кутулуп калсак экен деген тилектеги же ар кандай кырсыктардан аман калгандыгын белгилеп коюу максатын көздөгөн курмандык, диний ырым-жырым. *Мойнуна курун салынып, Жараткана жалынып, Кыйшык өркөч кызыл нар Баабединге чалды дейт* («Эр Төштүк»).

**БААГА БАТЫРБОО** Абдан жогору саноо, эч жанга теңебөө, мактоо, урматтоо. *Гүланда Ашырбектин элге алынып, башкарма мүчөсүнө шайланып жүргөнүн баага батырбайт* (Ашымбаев). *– Секретарь келсе, ырыс кошо келет, – деп Франтишек аны даңазага чалып, баага батырбады* («Ала-Тоо»).

**БААЗИ** Кээде, кээ бир. *Баази бир адамдар иштегиси келбейт.*

**БААКЫ I баары** менен бирдей. *Баш ийүүдөн чыгып баратышат баакысы. Түйшүктүн баакысы жалгыз мойнума түшө турган болду; Бууданы өлүп кетер деп, баакы киши жашыган* (фольк.).

**БААКЫ II** Чыныгы, чын. *Фаани дүнүйөдөн баакы дүнүйөгө көчтү.*

**БААЛА** 1. Наркын, баасын белгилөө, баа коюу. *Жиберилчү посылканы 15 сомго бааладык.* 2. Бирөөгө, бир нерсенин же иштин сапатына, өзгөчөлүгүнө кандайдыр бир маани берүү, белгилүү бир даражада баа берүү, урматтоо. *Белин байлап жигит ишке жараса, Баалайт өзү, эл адилет тараза* (Шүкүрбеков). *Эмгегиңди эл баалап, урмат кылса, Кубанарсың баладай карган кезде* (Үмөталиев).

**БААЛАН** 1. **баала** этишинин өздүк мамилеси. *Бааланган товарлар, Эмгеги жогору бааланды.* 2. Өзүн өзү жогору көтөрүү, көтөрүлүү, маалкатуу.

**БААЛАНТ баалан** этишинин аркылуу мамилеси. *Ого бетер баалантып жибербөө.*

**БААЛАНУУ баалан** этишинин кыймыл атоочу. *Эмгеги бааланууу.*

**БААЛАТ баала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БААЛАШ** 1. **баала** этишинин кош мамилеси. *Баасын бирге баалашты.* 2. *сын. м.* Баасы бирдей. *Баалаш товарлар.*

**БААЛОО баала** этишинин кыймыл атоочу. *Товарды өз наркы менен баалоо. Сиңирген эмгегин баалоо.*

**БААЛУУ** 1. Баасы жогору, кымбат. *Эмгектин алдыңкыларына баалуу сыйлыктар таркатылды* (Сасыкбаев). *Сатсаң баалуу, кийсең жылуу тон болот, Майы күчтүү, эти таттуу мейизден* (Осмонкул). 2. Зор маанилүү, керектүү. *Ойлоп чыгаруучулар техникалык прогресстин ишине баалуу салым кийирип жатышат* («Коммунист»). *Бул өтө назик жаралган баалуу өсүмдүктөр* (Абдумомунов).

**БААЛУУ КАГАЗ** Кандайдыр бир мүлктүк укукту камтыган акча жана товардык документтер. М: акция, вексель, купон, пай, чек ж.б. кагаздар.

**БААЛУУЛУК** Баасы жогору тургандык,

нарктуулук, маанилүүлүк. *Баалуулугу жогору. Баалуулугу бар.*

**БААМ** Байкап билүүнүн натыйжасында келип чыккан белгилүү бир ой, түшүнүк, берилген баа. *Менин өзүмдүн баамымда, ал макталып жүргөндөй эле бар* (Абдумомунов). *Асаке,– деди Шатен,– чынын айтсам, бул күүгө баамым жетпей калды, бул кандай күү?* (Токомбаев).

**БААМДА** Байкап билүү, баам кылуу, белгилүү бир ойго келүү. *Калмураттын сүйлөөгө кубаты келбеди. Аны баамдай койгон Аманкул оор улутунду* (Абдукаримов). *Анын ачуусу келип, кыжыры кайнай турганын Алымкул өңүнөн эле баамдады* (Абдумомунов).

**БААМДАГЫЧ** Тез байкай билүүчү, баамдай билген, байкагыч, баамчыл. *Баамдагыч адам. Баамдагыч болуу.*

**БААМДАГЫЧТЫК** Тез байкай билүүчүлүк, баамдай билгендик, байкагычтык, баамчылдык. *Баамдагычтык – жакшы сапат.*

**БААМДАТ баамда** этишинин аркылуу мамилеси. *Баамдатып үйрөтүү. Баамдатып коюу.*

**БААМДАШ баамда** этишинин кош мааниси. *Баамдашып байкашуу. Баамдашып көрүү.*

**БААМДОО баамда** этишинин кыймыл атоочу. *Мен анын кандай ырдап жатканын баамдоого чамам келген жок* («Кыргызстан аялдары»).

**БААМДУУ** 1. Байкагыч, сезгич, баамдагыч. *Атай комузду күүлөй баштаганда эле, Оторбай анын колунун эптүүлүгүн баамдуу көзү менен карады* (Каимов). 2. Жүйөлүү, баалуу, маанилүү. *Баамдуу сөз. Баамдуу пикир.*

**БААМСЫЗ** Баамдабастан, кайдыгер, көңүл бөлбөстөн. *Токтогул отургандарды баамсыз карап, кара күчкө жөтөлүп койду* (Токомбаев).

**БААМЧЫЛ** Байкагыч, баамдагыч. *Баамчыл Кадырбай азыр үйдө отуруп, тигил сыртта куда түшөбүз деп келгендердин ойпикирлерин сезди* (Сыдыкбеков).

**БААНА I** *диал.* Паана. Калка, коргонуч, караан, калканыч. *Баана болуп жүрсүн деп* («Семетей» С.К.). *Баана кылып үңкүрдү, Баатыр шериң жатты эле* («Сейтек»).

**БААНА II** Шылтоо. *Осуракка арпа уну баана* (макал). *Үйгө жете албайм дегенди баана кылып.*

**БААНАЙ баана I** менен бирдей. *Асыл абам жалгызы Баанайың келди көрүңүз* («Сейтек»).

**БААНИ I** Адам. Адам баласы, адам тукуму. «Бани» – «балдары, тукуму». «Ибн» деген сөздүн көптүк түрү. Революциядан мурун басылып чыккан китептерде жолугат.

**БААНИ II** Жалган, өтүп кете турган, түбөлүк эмес. *Бай Көкөтөй өлдү деп, Баани дүйнө, чын жайды, Барып акыр көрдү деп* («Манас»).

**БААР I** 1. Жаз алды, көктөм, *Жаңы-Арыктын жүздөгөн жардылары эрте баардан тартып эле алакандай жерлерин кетмендеп, урук сээп коюшту* (Абдукаримов). 2. Жаз, жаз мезгили. *Эбак жаз жадырап, төл торолуп, мал, жандын жарпы жазылган баар* (Сыдыкбеков). ‖ *өт.* Көңүл. *Өзгөчө Көк-Суу, Кырк-Кечик сыяктуу жерлерден өткөндө адамдын баары ачылат* (Абдукаримов).

**БААР II** үзүр, убай, бакыт, ыракат, береке. *Ак эмгегинен баар таап, эмгектин алдыңкысы деген ыйык атакка ээ болгон адамдарды да четтен табасың* («Ленинчил жаш»). *Катын Чүрөк тоюна, Сан карача бээ союп. Малдан ачам баарды, Чакырам кыйла шаарды* («Сейтек»).

**БААР АЛ баардаш** менен бирдей.

**БААР ТАБУУ** Жыргал көрүү, үзүрүн көрүү, пайдасын көрүү. *Малдан ачып баарды, Кыдырттым далай шаарды* («Манас»).

**БААРДА** Айтып берүү, баяндоо.

**БААРДАШ** 1. Аңгемелешүү. *Баардашсам деп ойлоп, баргым келет үйүңө* (фольк.). *Клавдия Ивановна өзү баардашкан, таанышкан үй-бүлөлөрдүн сүйүктүү жакын адамына айланган* («Ала-Тоо»). 2. Ынак, сырдаш, дос. *Баардаш курбулар. Баардаш болуу.* 3. Сүйгөн адам. *Баардаш, сенин дартыңдан басарга жок дарманым* (фольклор).

**БААРЛАН** Өзүн жогору көтөрүп кербездеnүү. *Мына ошондо Канчоро, Баарланып күүлөндү, Жедигердин Кыязга болжолу жок сүйлөндү* («Манас»).

**БААРЛАШ баардаш** менен бирдей.

**БААРЧЫН** 1. Беш түлөгөн алты жашар бүркүт. *Бир баарчын бүркүт шаңшып, аскаларды айланып учуп жүрөт* (Баялинов). 2. Алты жаштан аркы бүркүттүн санат аты (бир баарчын, эки баарчын, үч баарчын).

**БААРЫ** Бардыгы, бүтүн, бүткүл, жалпы. *Баарың бир ооз болсоңор, Жоо батынгыс көпсүңөр* (Жантөшев). *Балбан болсоң – жердей бол, баарын чыдап көтөргөн* (макал).

**БААРЫ БИР** Эч кандай айырмасы жок, бирдей, окшош. *Мага баары бир, бар деген жагына бара берем* (Сыдыкбеков).

**БААРЫЛА** 1. Көптөө, баарысы бирдей киришүү. 2. Баарылап формасында *такт. м.* Жалпы, чогуу, бардыгы жабыла, жабыла киришүү менен. *Душманды баарылап жыксак болбодубу* (Сыдыкбеков).

**БААРЫН** Ителги менен ылаачындын үйүгүшүнөн пайда болгон аргын алгыр куш.

**БААСЫ КЕТҮҮ** Кадыр-баркы төмөндөө, кадыр-барктан кетүү, мурдагыдай болбой калуу. *Тоголок Молдодон акыры жалтайлап өзү чегинип, баасы кете түшкөн болушка Жалий наараазылыгын түйгүза чакы-*

*райды* (Бейшеналиев).

**БААСЫЗ** 1. Баа жеткис, кымбат, өтө баалуу. *Не бир сонун баасыз буюмдар. Баасыз кымбат сөз айтуу.* 2. Сапаты төмөн, баасы төмөн, начар. *Сапатсыз, баасыз кездеме.*

**БААТЫ** 1. Чандын сууга аралашып ылайланганы. 2. Клей, крахмал. *Чаң асманга созулуп, Чаңдан бааты кошулуп* («Эл адабияты»).

**БААТЫР** 1. Жоого каршы күрөшүүдө, салгылашууда эрдик көрсөткөн, ар кандай коркунучтардан жалтанбаган, тайманбас, эр жүрөк адам. *Баатыр жарасыз болбос* (макал). *Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт* (макал). // *сын. м.* Жүрөктүү, тайманбаган, жалтанбас, кайраттуу. *Кайраттуу баатыр Олжобай, Калың кыпчак көп элге, Бир башкача көрүнүп* («Олжобай менен Кишимжан»). ‖ Албеттүү, алп мүчөлүү. *Тармал баштуу, баатыр дене, бүркүт көз, Дем алгандай тунук таза абадан* (Токомбаев). 2. Бирөөгө урматтоо, кадырлоо иретинде, кээде тамашалоо иретинде кайрылганда колдонулат. *Ачууңузду токтото туруңуз, баатыр,– деди аялы* (Сыдыкбеков). *Абаз баатыр эмне жумуштап келиптир? – деди Касым кичинекей баласынын келген себебин билүүгө кызыккан өңдүү* (Таштемиров).

**БААТЫР БАШЫ** *тар.* Кол башчы.

**БААТЫР ДОРДОК** *аңч.* Тумшугу ичин көздөй имерилип турган бүркүттүн бир түрү.

**БААТЫР КАШКА** *аңч.* Башында кашкасы бар бүркүттүн түрү.

**БААТЫР СҮЙЛӨӨ** Тайманбай, тартынбай чоң сүйлөө, өкүм сүйлөө, ооз көптүрүп, көтөрүлүп сүйлөө. *Жүрөгү курч жаш балдар, Ошентип баатыр сүйлөйт да* («Ленинчил жаш»).

**БААТЫР ЭНЕ** Бештен кем эмес бала төрөп, тарбиялап өстүргөн энелерге берилүүчү ардактуу наам.

**БААТЫРДУУ** Өз чөйрөсүндө эр жүрөк баатыры бар. *Баатырдуу эл качан жоодон тумчуккан?* (ырдан).

**БААТЫРДЫК** Каармандык, кайраттуулук, эрдик. *Качырбасам Касымды, Калкаласам башымды, Баатырдыгым не керек?* (Токтогул).

**БААТЫРЛЫК баатырдык** менен бирдей. *Баатырлык кылган киши баш ийип, бирөөгө ыйлаганы уят* (Жантөшев).

**БААТЫРСЫ баатырсын** менен бирдей. *Байкайынчы өнөрүн, Баатырсыган балаңдың* («Курманбек»).

**БААТЫРСЫН** Өзүн өзү баатыр катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, баатыр көрүнүмүш болуу. *Баатырсынган, дөөсүнгөн Сойдум мынча балбанды* («Сейтек»).

**БААТЫРСЫНУУ баатырсын** этишинин кыймыл атоочу. *Курулай баатырсынуу. Баатырсынууга батынбоо.*

**БААТЫРЧЫЛЫК баатырдык** менен бирдей. *Баатырчылыгы бар. Баатырчылык кыла албоо.*

**БААШАЙЫ** Кол менен токулган жибек кездеменин бир түрү. *Баашайы менен бейкасам* («Манас» С.О.).

**БАБА** 1. Түпкү ата, ата-баба. *Бери Кара-Дөбө кайкаңча, Берендер ордо аткан жер. Мына ошол бабадан калган кайран жер* («Сейтек»). *Бабабыз черткен бул комуз, Баркына жетип ырдайлы* (Баялинов). 2. Беделдүү, карыя адамдарга карата урматтоо, кадырлоо иретинде колдонулат. *Кайра тартып ошондо, Жөнөдү бабаң Көкөтөй* («Манас»). *Бабасы Бакай карган чал, Акылынан таныптыр* («Сейтек»).

**БАБА ДЫЙКАН** 1. Дыйканчылыктын колдоочуусу. *Баба дыйкан береке, Токо, Чачканын айтсак болбойбу?* (Токтогул). 2. Иштемчил, эмгектен талбаган. – *Байымбет жотолуу, кабагым-кашым дебеген баба дыйкан болор* (Бейшеналиев).

**БАБА КАРЫ** «Куранды»кайра-кайра кайталап жатка айтууну атайы кесип кылган адамдар. *Баба кары алдынан, Басып кирип бата алдым* («Манас» С.К.).

**БАБА ТИЛ** Негизги тил. Бир тил тобуна кирген, тектеш тилдер таралган баштапкы, түпкү тил.

**БАБАЙ** Аксакал, жашап калган кары адамга карата колдонулат. *Бабай кичинекей небересине жомок айтып берип отурат.*

**БАБАК: бабак-бабак** Бөдөнө чыгарган дабыш. *Бир маалда бут жагымдан бөдөнө бабак-бабак деп учуп чыкты (Жетимишев*).

**БАБАКТА** Кардын жаашы тууралуу. *Ошол күнү кар бабактап жаап турду (Айтматов).*

**БАБАСЫН ТААНЫТУУ** Эсине келтирүү, теске салуу максатында катуу жазалоо, бирди көрсөтүү. *Мен төө болсом, башымды ийемби сага. Бабаңды таанытам, Көзүңдү чоңураак ачып кара* (Борбугулов).

**БАББИТ** *тех.* Подшипник жылмышып жылып туруу үчүн калайдын жез менен сурьмадан аралаштырып жасалган эритмеси.

**БАБЕДИН** *туурасы:* **баабедин.**

**БАБУИН** Маймылдын бир түрү, б.а., павиан.

**БАБЫЛГАН** *туурасы:* **бабырган.**

**БАБЫР I** Көп сүйлөгөн, маңыз. *Шыпкын бабыр киши эле* (Убукеев).

**БАБЫР II** *диал.* Ашаткы.

**БАБЫРА** Көп сүйлөө. *Көп бабырабай иштегиле!* (Байтемиров). *Болду, бабырап отурууга убакыт жок* (Байтемиров).

**БАБЫРАТ бабыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Бабыратып сүйлөтүү. Көп бабыратпай, сөзүн тыюу.*

**БАБЫРАШ бабыра** этишинин кош мамилеси. *Бабырашып отуруп кеч киргенин*

*байкабапбыз.*

**БАБЫРГАН** Үкү тукумундагы жырткыч куш. *Анда-санда бау, бау деп бабыргандын үнү угулат* (Мидин).

**БАБЫРОО бабыра** этишинин кыймыл атоочу. *Көпкө бабыроо.*

**БАВА** *туурасы:* **баба.**

**БАГА** Байыркы Кыргыз мамлекетиндеги аймактык башкаруу бирдиги; аскердик титул; каган тарабынан дайындалган аймактын башкаруучусу.

**БАГАЖ** Поезд, самолет ж. б. транспорт менен жөнөтүү үчүн ылайыкталган же таңылып коюлган жүк, жүргүнчүлөрдүн жүгү. *Багажды поездге салып жиберди. Экскурсияга баруучу окуучулар багаждарын поезддин платформасына алып барып, топтоп коюшту.*

**БАГАЖНИК** Автомобилдин, мотоциклдин, велосипеддин арт жагындагы анча чоң эмес жүк салуу үчүн ылайыкталган орун. *Тиги кол чемоданды машинанын багажнигине салып кой.*

**БАГАЛАК** *диал.* Абалак. *Багалак салып ордо атып, Ойнобочу жер бекен* («Манас).

**БАГАЛЧАГЫ БАТУУ** *к.* **башы батуу.**

**БАГАЛЧАГЫ КАТУУ** Бойго жетүү, чоңоюу, эр азамат курагына келүү. *Багалчагы катып, балтыры өскөндө кекти кетирбес* (Жантөшев). *Боконосу болкоюп, Болуп калган көрүнөт. Багалчак катып балтайып, Толуп калган көрүнөт* («Сейтек»).

**БАГАЛЧАГЫ МАЙЫШУУ** Бир нерсеге туруштук бере албоочудай абалда калуу, абдан кыйналуу, кабыргасы кайышуу. *Же багалчагым майышып, Балбандын күчүн көрбөдүм* («Эр Табылды»). *Астындагы Чалкуйрук багалчагы майышты, Бели ийилип ошондо, сөөктөр бүтүн кайышты* («Эр Табылды»).

**БАГАЛЧАГЫ СЫЙБОО** *к.* **башы батып, багалчагы сыйбоо.**

**БАГАЛЧАГЫН ЧАГУУ** Жазалоо, бирди көрсөтүү. *Багалчагын чаккыла Барлык сырын уккула* («Эр Табылды»).

**БАГАЛЧАК** 1. Туяк менен кызыл ашыктын арасы. *Астындагы Чалкуйрук Багалчагы майышты, Беш ийилип ошондо, Сөөктөр бүтүн кайышты* («Эр Төштүк»). ‖ Согончок менен кызыл ашыктын аралыгы, кызыл ашыктын үстүнкү бөлүгү. *Же багалчагым майышып, Балбандын күчүн көрбөдүм* («Эр Табылды»). *Күлчоронун боконосу болкоюп, Болуп калган көрүнөт. Багалчак толуп балтайып, Толуп турган көрүнөт* («Сейтек). 2. *өт.* Жапалдаш, тууралжынынан келген, чымыр. *Багалчак бойлуу, сурма көз келин күлүп жиберди* (Каимов).

**БАГАНА** *диал.* Тирөөч, түркүк. *Багналар кендин кысымына чыдай албай кыйрап жатты* (Сасыкбаев).

**БАГБАН** Бак өстүрүүчү, бакчы. *Айланта бак өстүрөм багбан болуп, Той тартам бөбөктөргө алма берип* (Үмөталиев). *Ушундай таттуу жемиштерди өстүрүп берген багбанга ыраазы болушат* (Байтемиров).

**БАГБАНЧЫЛЫК** Бак өстүрүүчүлүк, бакчылык. *Анын бардык ою багбанчылыкта болуп, агроном-багбан болсом деп тилер эле* (Абдумомунов).

**БАГВАН** *туурасы:* **багбан.**

**БАГДЕ** Мындан соң, мындан ары. Илгери кыргыздар бир бирине кат жазганда, баш жагында ден-соолук, саламаттык жөнүндө жаза келип андан кийин «багде сөзүбүз» деп, тиричилик, турмуш жөнүндө кеп салчу.

**БАГЕЛЕК** 1. Дамбалдын, шымдын тизеден ылдыйкы уч жагы. *Ал балбандар барышсын, Сары жаргак шым кийип, Багелектен алышсын* («Сейтек»). *Шымынын багелегин көтөрсө, балтыры канталап сүрүлгөн* (Бейшеналиев). 2. Шыйрак, балтыр. *Багелек жүнүн зыргытып, Төш жүнүн чапчып ыргытып* («Эр Төштүк»).

**БАГЕЛЕКТЕ** Багелектен алуу, багелектен кармоо. *Багелектеп күрөшүп, Балдардын жыккан балбанын* (Токтогул).

**БАГЕЛЕКТҮҮ** Багелеги чоң, багелеги кең. *Багелектүү шым.*

**БАГЖАГАЙ** Бети жайык, кең көкүрөк, бакжайган. *Багжагай сары киши.* ‖ Сакалмуруту жайылыңкы өскөн калың, бакжагай. *Толубай элүүгө келген, багжагай сакал, чатыраган кызыл киши* (Элебаев).

**БАГЖАЙ** Бети жайыгынан келүү, көкүрөк төш кенен жайылган абалда болуу. *Төлөнбай кеңири келген багжагай көкүрөгүн керип сөз баштады.* (Абдукаримов). Калың, жайыла өскөн, дүгдүйгөн көрүнүштө болуу. *Атасы Ороз багжайган жээрде сакал киши эле* (Бейшеналиев). *Каныбек тапанчасын кабына салып, багжайган кара мурутун эки жакка жанып койду* (Жантөшев). *Шыңкыйган терек, багжайган талдын жалбырактары саргарган* (Жантөшев).

**БАГЖАЙТ багжай** этишинин аркылуу мамилеси. *Кара мурутун багжайта койдурган кызыл жигит* (Жантөшев).

**БАГЖАК-БАГЖАК багжаң-багжаң** менен бирдей. *Багжак-багжак этүү. Багжак-багжак сүйлөө.*

**БАГЖАКТА багжаңда** менен бирдей, *Багжактаган кара сакалдуу киши. Багжактап сүйлөө.*

**БАГЖАҢ-БАГЖАҢ** Багжагай, толмоч кишинин кыймыл-аракетин же көтөрүңкү көңүлдү билдирүү үчүн колдонулат. *Багжаң-багжаң этип басуу. Багжаң-багжаң көңүлдүү сүйлөө.*

**БАГЖАҢДА** Багжаң-багжаң этүү, көңүлү көтөрүңкү көрүнүштө болуу, жагалдана сүйлөө. *Багжаңдай басуу. Багжаңдап сүйлөө. Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай*

(Осмонов).

**БАГЖАНДАТ багжанда** этишинин аркылуу мамилеси. *Ортодо аппак калың сакалын багжаңдатып сүйлөп отурган карыя.*

**БАГЖАНДОО багжанда** этишинин кыймыл атоочу. *Кара сакал киши багжак-багжак сүйлөп, багжаңдоодо.*

**БАГЖЫЙ багжай** менен бирдей. *Багжыйган киши. Сакалы багжыйган чал.*

**БАГЛАН** Союуга жарап калган, сүт эмген козу. *Мага азыр баглан козунун этин бүт бойдон бышыр деди* («Жомоктор»), *Баглан козу ширин баш, Келиштирип кайнатып* («Манас»).

**БАГУУ I бак III** этишинин кыймыл атоочу. *Кой багуу. Мал багуу. Бала багуу.* 2. *зат. м.* Көз салып асыроочулук. *Койлор Садырдын багуусунда. Багуусу жарашса, күйпүл күчүк сак болот* (макал).

**БАГУУСУЗ** Багылбай, каралбай калган. *Багуусуз мал. Багуусуз калган кызылча.* ‖ Бага турган адамы, кайрылышып-кармانары жок. *Багуусуз кемпир-чал. Багуусуз жалгыз калуу.*

**БАГУУСУЗДУК** Багуу, көз салуу жагынан начар абалда болгондук, карашары жоктук, багуусуз калгандык. *Багуусуздук болсо, малдын өлүм-житими көбөйөт. Багуусуздуктан кызылча аянттарын отоо чөптөр басып кеткен.*

**БАГУУЧУ** Үй айбандарын, канаттууларын багып өстүрүүчү, асыроочу. *Мал багуучу. Музоо багуучу. Тоок багуучу.*

**БАГЫ БАЙЛАНУУ** Ойлогон оюна, максатына жете албоо, иши оңунан чыкпоо. *Курсакта жаткан кезимден эле багымдын байланганын уктуң го* (Сыдыкбеков). *Байланган беле багыбыз, Сынган беле шагыбыз* («Сейтек»).

**БАГЫБАН** *туурасы:* **багбан.**

**БАГЫЛ бак III** этишинин туюк мамилеси. *Ал сарайда багылат, Далай торпок, далай мал* (Үмөталиев).

**БАГЫЛАН** *туурасы:* **баглан.**

**БАГЫЛДЫР** Жапайы козу, б.а., боркочор.

**БАГЫЛДЫР** Жетиле элек жаш теке, текече.

**БАГЫЛУУ** 1. Багыл этишинин кыймыл атоочу. *Койлор азыр жайытка чыгарылбай, колдо багылууда. 2.* Кайтаруудагы, багууда, көз салууда болгон. *Багылуу мал.*

**БАГЫМ** Кайтаруу, көз салуу, багуу аракеттери. *Багымы жакшы. Багымы начар.*

**БАГЫМДАТ** 1. Таң, таң жарыгы, таң аткан маал. *Эртеси багымдатта айылдан аттанып, военкоматка жөнөп калдык* (Айтматов). 2. Таң аткан маалда, эртең менен эрте окулуучу намаз. *Багымдат намаз окулуп* («Манас» С.О.). *Жайнамазын жая салып, эки ирет багымдатын окуп алды.*

**БАГЫМСЫЗ** Багуусу жетишсиз, багымы начар. *Багымсыз мал арык болот.*

**БАГЫМСЫЗДЫК** Багуусу жетишсиздик, багымы начарлык. *Багымсыздыктан малдын өлүм-житимге учурашы көбөйөт.*

**БАГЫН** 1. Каршылыгын токтотуп, душманына, каршы тарабына баш ийип берүү карап берүү, жеңилгенин мойнуна алуу. *Кол кайрыбай багынса, Жоокерине тийбегин* (Жантөшев). *Багынбаган душманды Жоготтук өзүң айткандай* (Үмөталиев). 2. Бийликке, биреөнүн эркине көнүү, кандайдыр бир күчкө таасирге берилүү, моюн сунуу, баш ийүү. *Көчпөйбүз деп айта албай, Көпчүлүк калкың багынды* («Эр Табылды»). *Багынып эрк күчүнө кул болгонсуйм, Колхоздун жөпжөнөкөй бир кызына* (Осмонов).

**БАГЫН БАЙЛОО** Мүмкүнчүлүк бербөө, келечегине жолтоо болуу, бөгөт болуу, жолун тосуу. *Багымды датка байлады Мээнетим бекер сайлады* (Тоголок Молдо). *О, мен малга кызыгып, баламдын багын байлаган ата эмес элем* (Сыдыкбеков). *Эгер менин аяш-энем душманга алдатпаса, мүмкүн, бул иш болбойт эле. Кантейин, түшүнбөстүк эки жаштын багын байлап, өмүрүн кести* (Жантөшев).

**БАГЫНБАС** Багынып, баш ийип бербес, моюн сунбас. *Багынбас менин жүрөгүм. Багынбас баатыр жоокерлер.*

**БАГЫНДЫР багынт** менен бирдей. *Жоо жеңилди, биз жеңдик, багындырдык* (Нуркамал).

**БАГЫНДЫРУУ** Баш ийдирүү, жеңип алуу. *Жаратылыш күчтөрүн өзүнө багындыруу.*

**БАГЫНТ багын** этишинин аркылуу мамилеси. *Баатыр элим багынтты, Басып келген душманын* (Үмөталиев). *Акия Элебестин күчтүү колдорун багынтып, бек-бек кыса кармайт* (Сыдыкбеков).

**БАГЫНУУ багын** этишинин кыймыл атоочу. *Душманына багынуу. Эркине багынуу. Көпчүлүккө багынуу.*

**БАГЫҢ БАЙЛАНГЫР** Жакшылык көрбөгүр, ишиң оңунан чыкпагыр, тилегиңе жетпегир деген маанидеги каргыш. *Бүтүн ак жоолуктун наамын булгады э, багың байлангыр!* («Ала-Тоо»).

**БАГЫП АЛУУ** Башка биреөнүн баласын өз баласы кылып асырап алуу. *Кайнатасы Кулжыгач, Эркек тууса балам деп, өзүм багып алам деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАГЫП ЖҮРҮҮ** Көз салуу, көзөмөлгө алуу. *Багып жүргөн кыздар бар* (Байтемиров). *Ланичек Карел жөнүндө көбүрөөк ойлоп, мурдагы быкый-чыкыйынан бери тымызын иликтеп, багып жүргөн* (Ашымбаев).

**БАГЫТ** 1. Бет алган жак, белгилүү бир тарап. *Кабыл эмки багытын өзгөртмөк болуп, тескейди бет алып жүрүп кетти* (Эле-

баев). *Волокаламск багытында кутургандай кан күйгөн, каардуу мезгил жетти* (Сасыкбаев). Белгилүү бир максатты көздөгөн жол. *Сайрандап социализм багытынан Баратат коммунизмге баштап элин* (Үсөнбаев). Аймак, белгилүү бир жер. *Багыты кенен малга жай, Башынан жайы келишке* (Үсөнбаев). *Сыркоолуу чал Кетмен-Төбө багытынан келген* («Ден соолук»). Агым. *Философиялык багыт. Адабияттагы жаңы багыт.* ‖ Иштөө жолу, ишти кандайча жүргүзүү боюнча көрсөтмө. *Партиялык комитет лекторлор тобунун ишине ар дайым багыт берип турат.*

**БАГЫТТА** 1. Бир жакты көздөй бет алуу. *Каркыра батыш жакты багыттап учту.* 2. Бир жакты көздөй бет алдыруу, жол көрсөтүү, багыт берүү. *Бала туура эмес көз карашта болсо, мугалим аны дароо сөзгө алып, оюн түзөп, багыттап коёр эле* (Касымбеков).

**БАГЫТТАЛ багытта** этишинин туюк мамилеси. *Аракет жагдайды жөнгө салууга багытталган болчу.*

**БАГЫТТАН багытта** этишинин өздүк мамилеси. *Күн чыгышты багыттанып жүрүү. Багыттанган ишинен баш тартпоо.*

**БАГЫТТОО багытта** этишинин кыймыл атоочу. *Туура жолго багыттоо. Иштин жүрүшүн эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүгө багыттоо керек.*

**БАГЫТТООЧУ** Багыт берүүчү, жол көрсөтүүчү.

**БАГЫШ I** Бугунун бир түрү (бул сөз уруу аттарында жана энчилүү аттарда гана сакталып калган). *Калың багыш элиңе Кадырың бар жан деди* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАГЫШ II бак III** этишинин кош мамилеси. *Анда-санда бош болсом, Ат багышып турганын* (Осмонкул). *Чырпыкты бирге сайышкан, Чынарды бирге багышкан* (Маликов).

**БАГЫШТА** 1. Арноо. *Жума Женяны сүйүп, бүт өмүрүн багыштап жүргөн* (Каимов). *Акыркы сөзүн Васильев үчөөнө багыштаганы даана эле билинди* (Бейшеналиев). 2. *дин.* Арнап мал союу, куран окутуу же кандайдыр бир максатка арнагандыгын атап белгилөө. *Ак боз бээни соёлу, Манастын арбагына багыштап* («Манас»). *Этти жеп, атактуу чабендестин арбагына багыштап чын ыклас менен бата бердик* (Абдукаримов).

**БАГЫШТАЛ багышта** этишинин туюк мамилеси. *Кат профессор Ахунбаевге багышталган экен* («Ала-Тоо»).

**БАГЫШТОО багышта** этишинин кыймыл атоочу. *Сөзүн бирөөгө багыштоо. Курмандыкка чалган малын атасынын арбагына багыштоо.*

**БАДА** Ар түрлүү ээликтеги уйларды жайытта чогуу откоруу үчүн күндө жыйналчу уйлардын тобу. *Зарлык күндө эртең менен туруп, уйларды бадага кошуп коёт* (Элебаев).

**БАДАЛ** Карагай, терек сыяктуу бийик жана ирдүү болуп өспөстөн, бир кыйла жапыз, ичке жана көбүнчө топтолуп түп-түп болуп өсүүчү майда жыгач өсүмдүктөр, караган-буталуу өсүмдүктөр. *Күнгөйүндө кургакка өнө турган бадалдар, бөрү карагат, түп-түп шилбилер, ит мурундар* (Сыдыкбеков). *Бадалы көп колоттун Башында аккан булак бар* (Осмонкул). *Этек-жеңибизди бадал алып калат* (Сыдыкбеков). *Борошого бастырылган майда бадалдар дөмпөйүшөт* (Каимов).

**БАДАЛДУУ** Бадал өсүмдүктөрү өскөн, бадалы көп (жерге карата). *Жыбырап кой жайылып жаткан бадалдуу бийиктен бирөө заңгырап ырдап коё берди* (Элебаев). *Күн жалган түш болгондо балдар бадалдуу жылганы көздөп жөнөштү* (Абдумомунов).

**БАДАМ** 1. Түштүк жакта өсүүчү мала кызыл түстө гүлдөөчү, жемиш берүүчү өсүмдүк. *Бадам өстүрүү. Жапанга чыккан бадамы, Жайып жатыр Адамы* («Манас» С.О.). *Бадам да бар, шабдалы бар, мисте бар, Бул айтылган бардык жемиш бизде бар* (Акаев). 2. Ушул өсүмдүктүн жаңгак сымалдуу, сүйрүсүнөн келген мөмөсү. *Базардан, дүкөндөн сатып алынган бадамдар. Балдар бадам жеп жүрүшөт.*

**БАДАН** *диал.* Дене. *Айбан кылып койбоптур, Бадaними түк кылып* («Эл адабияты»).

**БАДАНА** Эпосто: баатырлар кийүүчү ок өтпөс тон, соот. *Бадана тонду кийгизди, Баатыр сындуу Манаска* («Манас»). *Жакасы алтын, жеңи жез, Ок өтпөгөн бадана* («Сейтек»),

**БАДАЧЫ** Жайытка чыгарылган уйларды кайтаруучу, бада багуучу, уйчу. *Бадачы көп уйду талаага айдап бара жатат* (Сыдыкбеков).

**БАДИК** 1. Оорунун аты. Малдын (көбүнчө кой, эчкинин) баш мээсинде тасма мите куртунун личинкасынан пайда болгон оору. *Келменин үстүнө бадик жармашыптыр.* 2. Шишик ооруну дарымдоонун аты. Ооруcыркоону айыктыруу ырасмына байланыштуу аткарылуучу ыр. Бадик адамдын дениндеги ооруну кууш үчүн айтылган. *«Көч, көч бадик, көч бадик, көчкөндөй көч, Көмүр болуп күйгөн от өчкөндөй көч.»*(Эл ыры).

**БАДИРЕК** 1. Теги жаман, тукуму начар. *Кыя шилтеп кылычты, Басыгы бузук, тузу арам, Бадиректи соёлу* («Сейтек»). 2. *өт.* Эч нерсени андабаган, онбогур. *Чыгып алып бадирек, Күн чыгышты бет алып, Көлдү көздөй салды деп* («Манас» С.О.). *Ал дагы бил мүчөлүү бадирек* («Манас» С.К.).

**БАДМИНТОН** 1. Волан (пластмасса же чачылуу топ) жана ракетка менен ойнолуучу спорт оюну. Ал Байыркы Малаяда пайда болуп, кийин Азиянын башка өлкөлөрүндө ойноло баштаган. Бадминтон 1872-жылы биринчи жолу Англиядагы Бадминтон шаарында ойнолгон (аты ошондон). 2. Ракеткалар менен топту карама-каршы уруп ойноочу спорт түрү. 3. Бадминтон спортуна керектелүүчү курал.

**БАДӨӨЛӨТ** *диал.* Жыргалчылык. *Бадөөлөт кезде ар бир үй-бүлөдө көңүлү сүйгөн тамакты жасайт.*

**БАДЫБОТ** *диал.* Чоң чыны, кесе. *Колунда бадыбот. Бадыботтон бозо ичүү.*

**БАДЫЛДА** Бат-бат, үнүн көтөрө чыгарып, кеп сүйлөө. *Валя болсо бадылдай сүйлөп, мастер көрсөткөн жумуштар менен алпурушуп жатат* (Сасыкбаев).

**БАДЫЛДАК** Үнүн көтөрө бапылдап сүйлөгөн, тынбай көп бапылдаган. *Апал бадылдак дагы эле бадылдап отурган тура.*

**БАДЫЛДАТ бадылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Бадылдатып сүйлөтүп коюп, угуп отура беришет.*

**БАДЫЛДОО бадылда** этишинин кыймыл атоочу. *Курулай бадылдоо. Эртеден бери бадылдоодо.*

**БАДЫРА** Барс-барс этип жарылуу, тарсылдоо (мисалы, куурулган таруу, жүгөрү ж.б.). *Эжем куурган жүгөрү бадырап жарылып, казандын кулагы менен тең болуп атылып жатты.* Мөндүр, күбүлгөн жемиштер ж.б. жерге түшкөндө же башка бир нерсеге тийгендегидей дабыр-дабыр этүү, дабыроо. *Мөндүр бадырап жаап келди. Шагы ийилип турган биздин бир түп алмабызды күбүсөк, алмасы бадырап жерге түшүп жатты.*

**БАДЫРАЙ** 1. Көз чоң ачылып, бакырайган көрүнүштө болуу. *Бермет энесинин айткандарына таң калгандай, көзүн балбылдатып, бадырая карады* (Сыдыкбеков). 2. Даана, таасын көрүнүү. *Асманга бадырая толгон жылдыздар жылчыктарга шынаалайт* (Айтматов). *Басканында ушул бармактын тагы тайлак төөнүн таманындай бадырая түшкөнүчү* (Сыдыкбеков).

**БАДЫРАЙТ бадырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Салмоорбек көздөрүн бадырайтып алдыртан карап койду* (Сыдыкбеков).

**БАДЫРАК** Жүгөрүнүн, буудайдын ж.б. барсайтып, жарылта куурулган даны. *Бадырак салган баштыкты асынып, койдун артынан кете берем* («Жаш ленинчи»). *Жүгөрүнүн бадырагы кандай сонун!* (Абдукаримов).

**БАДЫРАКАЙ** Бадырайган. *Бадыракай көз.*

**БАДЫРАҢ** 1. Сабактары жерге төшөлүп, жайылып өсүүчү бакча өсүмдүгү. *Калыбек арыктын кулагын бадыраңга буруп келди.* 2. Ушул өсүмдүктүн сүйрүсүнөн келген мөмөсү. *Дизентерия менен ооруган балага, айрыкча, бадыраң, помидор бербөө керек* («Кыргызстан аялдары»).

**БАДЫРАҢ-БАДЫРАҢ** Бадырандаган, жайдары мүнөздөгү кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Акыл бадыраң-бадыраң этип үйгө кирип келди* («Ала-Тоо»).

**БАДЫРАҢ КӨЗ** Бадырайган чоң көз, бакыракай көз.

**БАДЫРАНДА** Бадыраң-бадыраң этүү, «көңүлдүү көрүнүштө болуу. *Караган сайын кыздын алагар көздөрү бадыраңдайт. Бадыраңдап жайдары басат.*

**БАДЫРАНДАМА** Адырандаган, бажактама.

**БАДЫРАҢДАТ бадыраңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Азатбек капкара көздөрүн бадыраңдатып ойго баткан экен* (Сасыкбаев).

**БАДЫРАТ бадыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Бадыратып бадырак кууруу.*

**БАДЫША** *туурасы:* **падыша.**

**БАЁО** Бир нерсени көп элес кылбаган, энөөрөк, мөңкөш, жоош, момун, тажрыйбасыз. *Ошентсе да баёо өскөн Зуура бечарада эмне жазык* (Сыдыкбеков). *Баёо балалык.* ‖ Чочубаган, дыр коюп качып кетпеген, аңкоорок, маңыроо. *Улуу тоонун кийиги баёо болот.*

**БАЁОЛУК** Энөөлүк, момундук, жооштук, тажрыйбасыздык. *Баёолугунан бардыгына ишене берет. Баёолуктан запкы тартты.*

**БАЖ-БАЖ** Көңүлү куунак болуп, чечиле, жагалдана көтөрүңкү үн менен сүйлөгөндөгү көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Баж-баж сүйлөө. Баж-баж бакылдоо.*

**БАЖА** Эже-сиңдилердин күйөөлөрү (бири-бирине карата). *Буюрса сени болочок бажа катары көрүп жатам, Акупжан* (Байтемиров). ‖ Аялдары тууган-туушкан же бир жердик адамдар (бири-бирине карата).

**БАЖАК бажак-бажак** Чечиле, жагалдана, ачык-айрым сүйлөгөндөгү көрүнүштү, көтөрүңкү көңүлдү билдирүүдө колдонулат. *Бажак-бажак кеп айтып, Ашымдын жойду кайгысын* (Осмонкул).

**БАЖАКТА** Бажак-бажак сүйлөө, бажак-бажак этүү. *Бурулча- бажактап эч кимге сөз бербей сүйлөп жатты* (Байтемиров).

**БАЖАКТАТ бажакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Бажактатып сүйлөтүп коюп, бардыгы көңүлдүү отурушкан экен.*

**БАЖАКТАШ бажакта** этишинин кош мамилеси. *Өскөнбай көчөдө бажакташып айтышууну каалаган жок* (Таштемиров).

**БАЖАКТОО бажакта** этишинин кыймыл атоочу. *Эшбай чечиле сүйлөп бажактоодо* («Ала-Тоо»).

**БАЖАҢ-БАЖАҢ** Жагалданган көрүнүштү, көтөрүңкү көңүлдү билдирүүдө колдонулат. *Бажаң-бажаң этүү. Бажаң-бажаң*

*сүйлөө.*

**БАЖАҢДА** Жагалданган, көңүлү көтөрүңкү көрүнүштө болуу, куунак сүйлө, бажактоо. *Азимбай старчы мурункудан да көтүрлө бажаңдады* (Жантөшев). *Амантур бажаңдап сүйлөй берди* (Убукеев).

**БАЖАҢДАТ бажаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Бажаңдатып ээрчитип алуу.*

**БАЖАҢДОО бажаңда** этишинин кыймыл атоочу. *Көпкө сүйлөп бажаңдоо.*

**БАЖОО** Көзгө көрүнүктүү, салмактуу. *Айтор, кыргыздар айтмакчы, куржуну бажоо* (Жусубалиев).

**БАЖЫ** 1. Ар кандай жүк, багаж, почта, товар ж.б. чегара аркылуу өткөрүүдө эсеп, көзөмөл жүргүзүп, пошлина алып туруучу мамлекеттик мекеме, (таможня). 2. Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке өткөрүлүүчү товарлардан акчалай алына турган өкмөттүк салык. *Сатылуучу товарлардын бажысын төлөө.* ‖ Мамлекет тарабынан жүргүзүлүп, жөнгө салына турган кээ бир тейлөө кызматтары үчүн алынуучу акчалай алым. *Никени каттоо бажысы. Паспорттун каттоосу үчүн төлөнүүчү бажы.* 2. *тар.* Малдын эсебинен алынган налог, малга салынган салык. *Бажы деп алган элеттен Падышанын ырымы* (Тоголок Молдо). *«Бажы мал менен Манасты, Азыр бизге бергин», – деп, Кыйнай берди атамды* («Манас» С.К.).

**БАЖЫГЕР** Салык алуучу, алым жыйноочу, салык жыюучу.

**БАЖЫКАНА** Адатта чегара пункттарында, аэропортто, темир жол жана деңиз вокзалдарында жайгаштырылып, жүк, жарандарды өткөрүүдө көзөмөл жана эсеп жүргүзүп туруучу мамлекеттик мекеме.

**БАЖЫЛДА** Баж-баж этип көп сүйлөө. *Алдыдагы буурул атчан мурап бир айылдын элиндей бажылдайт* (Сыдыкбеков).

**БАЖЫЛДАК** Бажылдап көп сүйлөгөн. *Ашымбай кой десе болбогон бажылдактардын бири* («Ала-Тоо»).

**БАЖЫЛДАТ бажылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Аны бажылдатып жаткан жанагы ичимдиктин күчү эле* («Чалкан»).

**БАЖЫЛДАШ бажылда** этишинин кош мамилеси. *Бакир курбусуна барып бажылдашып келмейинче ыраазы болбойт* («Ала-Тоо»).

**БАЖЫЛДОО бажылда** этишинин кыймыл атоочу. *Турдукул тынымсыз бажылдоодо* («Ала-Тоо»).

**БАЖЫЛЫК САЯСАТ** Чек ара аркылуу алып кирүү жана алып чыгууда алым жана жыйымдарды аныктоо саясаты.

**БАЖЫЛЫК АЛЫМ (ПОШЛИНА)** Бажыкана органдары тарабынан өлкөгө киргизилип жаткан товарлардан алынуучу акчалай жыйым.

**БАЖЫЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ** Чек ара аркылуу өткөрүлүп жаткан жүк жөнүндө зарыл маалматтарды камтыган, мамлекеттин мыйзам талаптарына ылайык түзүлгөн документ.

**БАЖЫР бажыр-бужур** Бака-шака түшүп, бапылдап чыккан дабышты, сүйлөшүүнү билдирүүдө колдонулат. *Арманың жок өзүңдө, Бажыр-бужур сүйлөшүп, Бала-чакаң чардаса* (Осмонкул).

**БАЖЫРА** Бак-бак этип чечилип сүйлөө, көп сүйлөө. *Сатыкул мен бул жерди биринчи жолу көрүп отургансып, колу менен жаңсап коюп, бажырай берди* (Касымбеков).

**БАЖЫРАЙ** Көздөрүн чоң ачып кароо, көздөрү жайноо, балбылдоо. *Акылдын бажырайып чоң ачылган акылдуу көздөрү адамды өзүнө тартып күлүмсүрөп карайт* (Сыдыкбеков). *Каныбектин көздөрү бажырайып, өңүнө күлүмсүрөө пайда болду* (Жантөшев). ‖ Жайнап, бадырайган көрүнүштө болуу. *Жагымдуу жазда бажырайып, жытын бүркков өрүк гүлдөрү ак куу жүнүндөй үлпүлдөйт* (Солтобаев).

**БАЖЫРАЙТ бажырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Бала көздөрүн бажырайтып алдыртан карап койду* (Сыдыкбеков).

**БАЖЫРАКАЙ** Балбылдаган, жайнаган, бажырайган (көз жөнүндө). *Мукай бою чарчы, бети жайык, кара каш, көзү бажыракай ак бала* (Таштемиров).

**БАЖЫРАҢДА** Бапыраңдаган кыймыл-аракет жасоо, көңүлдүү кыймылдоо. *Андрей каадасынча бажыраңдап, аялынын көңүлүн көтөрөйүн дегендей сүйлөдү* (Сасыкбаев).

**БАЖЫРАШ** Көңүлдүү, жандуу сүйлөшүү. *Үйдөгүлөр менен мурункудай дулуйбай, ачылып, бажырашып отурат.*

**БАЖЫРАЮУ бажырай** этишинин кыймыл атоочу. *Салийча эне эски ноокастан жеңилдеп, ирециңде бажыраюу пайда боло баштаган кез эле* («Кыргызстан аялдары»).

**БАЗ** Шумкар.

**БАЗА** 1. *архит.* Колонналардын, түркүктөрдүн ылдыйкы жайык түбү. Негиз, бир нерсенин эң керектүүсү, негизгиси. *Билимдүүлүк – ар кандай кесиптин мыкты базасы* («Кутбилим»). 2. Айрым иштер боюнча тейлөө, жабдуу милдетин аткарып туруучу, керектүү материалдары, жасалгалары бар атайын пункт, жай. *Туристтик база. Экскурсиялык база.* 3. Түрдүү товарлар, материалдар чогултулган, сакталган жай, склад. *Өнөр жай товарларынын базасы. Маданий товарлар базасы.*

**БАЗАЛЬТ** Күнүрт түстөгү вулкандуу тоо тек.

**БАЗАР** 1. Белгилүү күндөрдө, көбүнчө дем алыш күндөрүндө болуп, калкка кеңири керектелүүчү товарлар, азык-түлүк ж.б. сатылуучу соода-сатык. *Жума базар. Жекшемби базар. Салык досунукуна көп эле каттайт. Бирок дайыма эртең базар деген күнү гана келет* (Каимов). *Үйүмдө канча жыйган*

*мүлкүм болсо, Чыгарып базар сайын баарын саттым* (Шамшиев). *Отунду сатып базарга Эптеп жанды багабыз* (Жантөшев). // Соода-сатык жүргүзүлүүчү жай. *Колхоз базары. Мал базары. Көйнөксүз эрдин бир тобун Көк базардан табасың* (Шүкүрбеков). 2. Майрам күндөрүнүн алдында же мезгил-мезгили менен белгилүү бир товарлар боюнча жүргүзүлүүчү соода-сатык. *Китеп базары. Жаңы жылдык базар.* 3. *өт.* Ызычуу, дуу-дуу. *Бардыгы бет алдынча сүйлөй берип, үй ичи базар болуп кетти.* 4. *өт.* Күч-кубаты толуп турган жаш курак, кызыктуу мезгил. *Эңиштеди базарым, эстегенде капамын* (Токтогул).

**БАЗАР КӨРГӨН** Башынан жаман-жакшыны өткөргөн, кагылып-согулган, турмушка түшүнүп калган. *Базар көргөн байкушсуң, Маа жарабайт айтышың* («Манас»).

**БАЗАР КӨТӨРБӨГӨН** Өтпөгөн, эчтекеге арзыбаган, эч ким сурабаган, өтүмү жок, начар (көбүнчө сатыла турган мал, же буюм-тайымга карата). *Базар көтөрбөгөн мал. Мунуң базар көтөрбөйт го, түйтөйүп эң жүдөө көрүнөт.*

**БАЗАРДУУ** Мал сатканы кетип жаткан адамга каалоо, тилек. *Мал базардуу болсун.*

**БАЗАРДЫК базарлык** менен бирдей. *Базардык алып келүү. Базардыгын берүү.*

**БАЗАРЛА** Базарга барып, соода-сатык жүргүзүү, жалпы эле керектүү нерселерин сатып алуу. *Керим базарлап келген ар түрдүү майда-чүйдө буюмдарын ортого таштады* («Ала-Тоо»).

**БАЗАРЛАТ базарла** этишинин аркылуу мамилеси. *Сагын момунураак келген коңшусу Жуманы ээрчите барып, базарлатып кайтыптыр* («Ала-Тоо»).

**БАЗАРЛАШ базарла** этишинин кош мамилеси. *Атаң менен кошо барып, базарлашып кел,– деп Айганыш уулун эртең менен күйөөсүнө кошуп жөнөткөн* («Ала-Тоо»).

**БАЗАРЛОО базарла** этишинин кыймыл атоочу. *Шаарга базарлоого кетти. Керектүү буюмдарын алып базарлоодо.*

**БАЗАРЛЫК** Базарлап келген адамдын үйүнө алып келүүчү белеги, бир жактан арнап алынган белек, кант, набат сыяктуу ар кандай даам-татым. *Салык базарлыктарын алып болуп, тамактануу үчүн столовойго кирди* (Каимов). – *Сен канчадан бери Гүлайымга базарлык жибере турган болуп калдың? – деди Токтор* (Абдукаримов).

**БАЗАРЧЫ** Базарлоого барган адам. *Түш кыйшая бергенде базарчылардын алды тарай баштады* (Жантөшев). ‖ Базарга көп барып, базарда соода-сатык жүргүзүүчү адам. *Арзан менен кымбаттын ченин билген базарчы* (макал).

**БАЗАРЧЫЛА базарла** менен бирдей.

**БАЗАРЧЫЛАТ базарчыла** этишинин аркылуу мамилеси. *Алымкул айылдан келген тугандарын базарчылатып жүрдү* («Чалкан»).

**БАЗАРЧЫЛАШ базарчыла** этишинин кош мамилеси. *Жунуш Белек менен бирге барып, ага жардамдашып, базарчылашып келди* («Ала-Тоо»).

**БАЗАРЧЫЛОО базарчыла** этишинин кыймыл атоочу. *Чөнтөгүңдө пул жетиштүү болсо базарчылоо көңүлдүү иш* («Эркин-Тоо»).

**БАЗАРЧЫЛЫК** Базарга, базар жерине таандык абал. *Базарчылык деген ушул, бардыгы сатык.*

**БАЗАРЫ АЧЫЛУУ** *к.* **базары көтөрүлүү.**

**БАЗАРЫ БАЙЛАНУУ** *к.* **базары таруу.**

**БАЗАРЫ ЖҮРБӨЙ КАЛУУ** Мааниси кетүү, иши оңунда болбоо, иши оңолбоо, начарлай баштоо. *Үч фашист – эки солдат, бир лейтенант, Базары жүрбөй калган соодагердей* (Үмөталиев).

**БАЗАРЫ КӨТӨРҮЛҮҮ** Бак-таалайы ачылуу, иши оңоло баштоо, иши илгерилөө. *Санамбубүнүн базары көтөрүлүп, мына ушул Токбайга туш келди* (Жантөшев). **В.: Базары ачылуу.** *Ачылар бекен базарым Мен ушуга капамын* (фольк.). **Базары жүрүү.** *Базары жүрүп турганда кимдин көзү ала чакмактабайт* (Осмоналиев).

**БАЗАРЫ ТАРОО** Убагы, учуру, мезгили өтүп кетүү. *Оттой ойноо, желдей тентек жаш кыздар жетпесе, биздей уул-кыздын энеси болуп калган, базары тараган катынга атаңар эми ыраазы беле, катыгүн* (Сыдыкбеков). **В.: Базары өтүү.** *Башынан базары өткөн кишинин эмдиги калган тиричиликтен эч кандай кызыкчылык күтпөй турганы белгилүү* (Укаев).

**БАЗАРЫ ТАРУУ** Иши онунан чыкпоо, максатына жетпөө, иши кыйчалыштоо. *Кантем? Базарым тарыды ээ, көктөйүмдөн багым байланды ээ?* (Сыдыкбеков). **В.: Базары эңиштөө.** *Эңиштеди базарым, эстегенде капамын* (Токтогул). **Базары байлануу.** *Жаштайынан базары байланып, зордук менен көп аялдын үстүнө тийген токолдордун башын ачабыз* (Бейшеналиев).

**БАЗИЛ** 1. Жакшылык, жумшак мамиле, мээрим, боорукерлик, ырайымдуулук. 2. Кадыр-барк, абийир, мыктылык, артык сапат. 3. Кээде керемет, касиет маанилеринде да колдонула берет. *Макулукаттын баарысын, Базилинде колдогон.* («Манас» С.О.)

**БАЗИЛИКА** *архит.* Ички бөлүгүндө эки катар колонналары бар антикалык жана орто кылымдагы архитектуралык курулуш, храм.

**БАЗИР** Увазир, обозгер. Хандын, падышанын кеңешчиси. *Базирга кеңеш салды* («Эл адабияты»).

**БАЗИС** 1. Коомдун өнүгүшүнүн белгилүү бир этабындагы экономикалык түзүлүш. 2. *архит.* Колонналардын, түркүктөрдүн ылдыйкы жайык түбү, базасы. *Колонналардын базиси.*

**БАЗОФИЛДЕР** *биол.* Организмдин негизги боёгуна боёлууга жөндөмдүү кандын ак бүртүкчөлөрү.

**БАЗОФИЛИЯ** *биол.* Базофилдердин канда көбөйүшү.

**БАЗЫРА** Биртике менчиктеп айдап алган жер, огород, жер.

**БАЙ I** Күйөө, эр. *Зулайка байга тиймеги, Анчалык сага зарылбы?* («Эл адабияты»). *Байбичеси Чыйырды Байынан эми кеп сурайт* («Манас»).

**БАЙ II** 1. Мал-мүлктүү, дүнүйөлүү, бирөөнүн күчүнөн пайдалануучу адам, кедейдин карама-каршысы *Байлар жайыттуу төрлөрдү ээлеп алышып, жыргап-куунап жатышчу* (Сасыкбаев). *Букараны көп эзген, Манап, байлар, болуштар* (Тоголок Молдо). *Азаттыкты колго алып, Бай-манаптан өчүңдү ал* (Тоголок Молдо). 2. Байлыгы мол, жетиштүү, оокат-тиричилиги мыкты. *Турсун апа бай колхоздун сакчысы, Сан байлыктын ушунда алтын ачкычы* (Осмонов). *Жакшы иштеген ударниктин баары бай* (Осмонов). ‖ Ар түрдүү нерселерге, табигый же башка байлыктарга ээ, мол, арбын, көп. *Кенге бай. Тажрыйбага бай. Колхозуң гүлдөп, данга бай* (Нуркамал). *Кыргыз көлгө бай болот, Кыргыз төргө бай болот* (Бөкөнбаев).

**БАЙ-БАЙ** 1. Пай-пай менен бирдей. *Бай-бай-бай, Сенин балаң айландырып самолётту бураган* (Осмонов). 2. *сырд.* Катуу коркуудан же ооруксунуудан ойбойлогон дабыш чыгарууда колдонулат. *Бай-бай, эчки бутумду сыя басып кетти.*

**БАЙ БОЛГУР** 1. Жетиштүү бол, мал-мүлктүү бол деген мааниде бирөөгө карата айтылган каалоо, тилек. 2. Бирөөгө наразы болгондо, наразылыгын билдиргенде колдонулат. *Бай болгур, бир аз сабыр этип, сөз угузчу, жарылдабай.* (Сыдыкбеков).

**БАЙ САКАЛ** Чоң сакал. *Дмитрий аке да бай сакалын экчеп, күрдөөлдүү эмгекти кубаттайт* (Сыдыкбеков).

**БАЙБАЙЛА** Бир жери ооруганда бай-бай деп үн чыгаруу, кыйкыруу. *Кой саадырып жаткан жерде гана балдар кезек-кезек бай-байлап, буттарын сыйпалап отура калышат* («Ала-Тоо»).

**БАЙБАЙЛАТ байбайла** этишинин аркылуу мамилеси. *Байбайлатып кокуйлатуу.*

**БАЙБАЙЛОО байбайла** этишинин кыймыл атоочу. *Бутун бастырып, байбайлоо.*

**БАЙБАЧА** Байдын уулу; мырза. *Жогору даражалуу чайканаларда көбүнчө байбачалар отурушат* (Абдукаримов). *Байбачалар үйдө калып, мандикерге биз кеттик* (Абдукаримов).

**БАЙБИЧЕ** 1. Бир нече аялы бар адамдын биринчи аялы. *Чочулашып үрпөйүп, Байбиче, токол башында* (Жантөшев). *Кычкачын алып тап койгон, Байбиче жок башкарган* (Тоголок Молдо). 2. Үйдөгү оокаттиричиликти башкарып, жашабыраак калган аял. *Байбиченин бардыгы–төөдөй кара сандыгы* (макал). *Кой, байбичем, чыр кылба, Жалгыз атты сатпайлык, Жалдырап жөө жатпайлык* (Тоголок Молдо). 3. Улгайган аялдарга карата урматтап кайрылуу иретинде колдонулат. – *Келгиле, байбичелер, келгиле,– деп Жапар ордунан тура калды* (Баялинов).

**БАЙБИЧЕЛИК** Байбиченин абалы. *Кадимки байбичелик каадага өтүп, Сейилкан үй-жайдын ээси, уул-кыздын энеси болуптур* (Сыдыкбеков).

**БАЙГЕ** 1. Ат чабыш, жарыш. *Күлүктүн болот белгиси, Байгеден чыгат сүрөтпөй* (Токтогул). *Атын чабар байге жок, Алты ай бүтүн таптады* (Тоголок Молдо). 2. Ат чабышта, ар кандай жарышта, мелдеште жеңип чыккандыгы же алдыңкы, байгелүү орундардын бирин ээлегендиги үчүн берилүүчү сыйлык. *Бууданы чыгып байге алса, Аттын ээси сүйүнөт* (Токтогул). *Улак тартып байге алып, Жаткан экен Кулжыгач* (Үсөнбаев). *Балбанга түшүп да байге алдым* (Токомбаев).

**БАЙГЕГЕ САЙЫЛГЫР** Барымтага кеткир, жок болгур, жоголуп кеткир деген сыяктуу тилдөө маанисинде колдонулат. *Байгеге сайылгыр ай!, – деп аял чебеленип, безилдеп жатты* («Кыргызстан маданияты»).

**БАЙГЕЛЕШ** Алган байгесине тең орток, алган байгесине белгилүү бир өлчөмдө үлүштөш. *Саяпкер Сабыр байгелеш болууга убадалашып, Касымдын атын таптоого киришкен.* ‖ Башкалар менен катар байгелүү орундардын бирин ээлеген, байге алган, *Бул ат чабышта биздин колхоздон барган күлүктөрдүн үчөө тең байгелеш болду.*

**БАЙГЕЛҮҮ** Байге сайылган, байге коюлган. *Байгелүү орун. Байгелүү мелдеш,* Байге алган, байге коюлган орундардын бирин ээлеген, алган байгеси бар. *Байгелүү күлүктөр. Байгелүү кайтуу.*

**БАЙГЕРЧИЛИК** *диал.* Кененчилик, токчулук, жетиштүүлүк. *Азыр кудайга шүгүр, байгерчилик го.*

**БАЙГӨБӨК** Кулаалылар тобуна кирүүчү куш. *Жаман кара, байгөбөк, Мурдунан билгич жыты бар, Тумшук, буттун кызылы, Жаныбардын кызыгы* (Каралаев).

**БАЙДА** *туурасы:* **пайда.**

**БАЙДАМ** *диал.* Талдын жыш коюу чыканы.

**БАЙДАМТАЛ** Солкулдаган ичке тал. *Назик белиң байдамталдай буралып* (Үмөта-

лиев).

**БАЙДАРКА** Суу спорту менен туризминде колдонулуучу ичке, жеңил кайык. Анын калагы кырына бекибейт, үстү люктуу палуба менен жабылган, эки айчыктуу калак менен айдалып, бут менен башкарылуучу руль менен бурулат.

**БАЙДӨБӨТ** Дөбөт ит. Сырттан.

**БАЙДУБАЛ** *туурасы:* **пайдубал.**

**БАЙИТ** *туурасы:* **бейт.** *Байымбеттин казалы, Байит кылып жазалы* (Тоголок Молдо).

**БАЙКА** Бирөөнүн иштеген ишине, кыймыл-аракетине, кандайдыр бир процесске көз салуу, алдыртан абайлоо, сезип-билүү, баамдоо. *Кемпирдин ар бир кыймылын байкап отурат* (Бектенов). *Акия да Айганыштын кыйналганын байкай элек* (Сыдыкбеков).

**БАЙКАБАС** Байкабай турган, байкалбай турган. *Эл байкабас, жан көрбөс Жерге алып барды эми* («Эр Төштүк»).

**БАЙКАБАСТАН** Көңүл бурбастан, байкоосуз. *Бир катын кудуктан суу тартып алып, Капкагын байкабастан жаппай койгон* (Маликов).

**БАЙКАБАСТЫК** Байкабагандык, абайлабай калгандык, көңүл бурбагандык. *Байкабастык менден кетиптир.*

**БАЙКАБАСТЫКТАН** Көңүл бурбагандыктан, элес кылбагандыктан, байкоосуздан. *Байкабастыктан кеткен ката. Байкабастыктан жаздым басып алуу.*

**БАЙКАГЫС** Байкалбай турган, байкабай турган. *Аскардын киши байкагыс өнөрү чыга баштады* («Чалкан»).

**БАЙКАГЫЧ** Баамчыл, абайлап билгич, сезгич. *Батийна чоң кишидей баамчыл, байкагыч, эпчил, сезгич, чыдамкай өстү* (Сыдыкбеков).

**БАЙКАГЫЧТЫК** Байкай билүүчүлүк, байкай билүү сапаттары, баамчылдык. *Байкагычтык – адамдагы жакшы касиет. Байкагычтыгы менен башкалардан айырмалуу.*

**БАЙКАЛ** **байка** этишинин туюк мамилеси. *Ар бир адам сөздө эмес, Иште гана байкалат* (Элебаев).

**БАЙКАМ** Байкап-билүүчүлук, байкоо сезими, баам. *Байкамымда жаман бала көрүнбөйт*

**БАЙКАМАКСАН БОЛУУ** Байкабай калган сыяктуу көрүнүүгө аракет кылуу, байкабамыш болуу. *Ашым байкамаксан болуп Көсөлдүн алдынан чыга калды* (Каимов).

**БАЙКАМЧЫЛ** **байкагыч** менен бирдей. *Байкамчыл адам. Байкамчыл болуу.*

**БАЙКАС I: байкас албоо** *же* байкас **кылбоо** Байкабоо, абайлабоо, анчалык көңүл бурбоо. *Татыбек кичинесинен эле ар нерсени көп байкас алчу эмес* (Байтемиров).

**БАЙКАС II** *диал.* Көз салуу. *Малга байкас кыла тур.*

**БАЙКАСТА** Байкас кылуу, байкоо, байкап билүү. *Баатыр Бакай байкастап, Жакып канды сындады* («Манас»).

**БАЙКАТ байка** этишинин. аркылуу мамилеси. *Чочулап отурганын байкатып койду.*

**БАЙКАШ** 1. **байка** этишинин кош мамилеси. *Асан да мергенчинин жанында эчки-текелердин кай жакка багыт алганына көз салып, байкашып турду* («Ала-Тоо»). 2. Сынап көрүү. *Жана күлүктөрдү бир байкашып көрөлү* (Каимов). Бир аз күч сынашуу, азыраак кармашып, бири-биринин кандай экендигин анча-мынча билип калуу. *Байкашып көрдүк бул жерде, Калмактын калкы көп экен* («Эр Табылды»).

**БАЙКАШТЫР** 1. **байкаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Улам бир жоргону салдырып көрүп, кайсынысы мыкты экендигин байкаштырды.* 2. Ойлонуштуруп, караштырып көрүү. *Муну байкаштырып көрүш керек* (Жантөшев).

**БАЙКАШТЫРУУ** **байкаштыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Душмандын күчүн байкаштыруу. Кандай чечим туура келишин байкаштыруу керек.*

**БАЙКАШУУ** **байкаш** этишинин кыймыл атоочу. *Күч сынашып байкашуу. Ыр айтышып байкашуу.*

**БАЙКЕ** 1. Өзүнөн улуу эркек бир тууган. *Мектеп курулушуна Аскар байкең барат* (Сыдыкбеков). // Аталаш туугандардын өзүнөн улуу агалары. *– Байке, кайда барабыз? – деди Эрмек* (Абдукаримов). 2. Өзүнөн улуу эркек адамдарга кайрылуу иретинде колдонулат. *– Аманбы, Мамбет байке* (Сыдыкбеков).

**БАЙКЕБАЙ** Урматтоо иретинде же жалынычтуу түрдө кайрылуу иретинде колдонулат.

**БАЙКЕБАЙЛА** Урматтоо иретинде же жалынычтуу түрдө «байкебай» деп айткандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Чыныбызды айтып, байкебайлап жалындык* (Бейшеналиев).

**БАЙКЕЛЕ** Урматтоо же жалынуу иретинде «байке» деп айткандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Байкелеп балдар ээрчип алышты.*

**БАЙКЕЛЕТ** 1. **байкеле** этишинин аркылуу мамилеси. 2. «Байке» деп айтууга аргасыз кылуу, жалынтуу.

**БАЙКЕРЧИЛИК** Оокат-тиричилиги кенендик, кененчилик, жетиштүүлүк. *Байкерчилик, эркин турмуш, токчулук* (Токомбаев).

**БАЙКОО байка** этишинин кыймыл атоочу. *Анын максаты, баарыдан мурда жердин шартын байкоо эле* (Жантөшев).

**БАЙКООС: байкоос албоо.** Байкабоо.

*Почточу аны байкоос албады, укпай калды окшойт, чоң көчөнү көздөй бет алды* (Таштемиров).

**БАЙКООСТОН** Байкабастан, абайлабастан; *Байкоостон урунуп калуу.* // Күтүүсүздөн, күтүлбөгөн жерден. *Байкоостон өз башына жеткен ишке Бул күнү терең ойлоп, муңайгандай* (Маликов).

**БАЙКООСУЗДАН байкоостон** менен бирдей. *Байкоосуздан кыйкыргандыгын сезип, Аскар кызара түштү* (Сыдыкбеков).

**БАЙКООСУЗДУК** Этибарга албагандык, абайлабагандык, байкап биле албагандык. *Байкоосуздук кылуу. Байкоосуздуктун натыйжасы.*

**БАЙКООЧУ** Бирөөлөргө, байкоого алынган жердеги ар кандай абалга, аппараттын, кандайдыр бир иштин жүрүшүнө көз салып, байкоо жүргүзүп туруучу киши. *Бул чатыр байкоочунун орду тура. Биз жакты карайт тура күндүз келип* (Үмөталиев).

**БАЙКООЧУЛУК** 1. Байкоочунун милдети, байкоо жүргүзүүчүлүк. *Байкоочулук жүргүзүү. Негизги иши – байкоочулук.* 2. Тез байкагычтык, сергектик.

**БАЙКӨБӨК** *туурасы:* **байгөбөк.**

**БАЙКУШ I** Үкү тукумуна кирүүчү канаттуу.

**БАЙКУШ II** Бечара, мусапыр, шордуу. *Баатыр бекен от жүрөккө чиреген? Байкуш бекен элден кайыр тилеген?* (Токомбаев). ‖ Кыйынчылык башына түшүп, айласы кетип турган адамдарга, аянычтуу абалдагы ар кандай жандыктарга карата аёо иретинде колдонулат. *Чын-чынына келгенде, Чыңырган менен кыз байкуш, Башына кайдан ээ болот* («Семетей»). *Эми мыктап эрдикти Кумурскага салалык, Күйүп жаткан байкушту Ажыратып алалык* («Эр Төштүк»). // Аёо сезимин билдирүү, эркелетүү иретинде колдонулат. *Эмне болду байкуш деп, Сагынгандыр алганым* (Токтогул). *Байкуш чалым десе* (Байтемиров). *Куурчактай болгон Динар байкушум, – деди чоң эне* (Сыдыкбеков). 2. Эч нерсе колунан келбеген киши катарында кемитүү иретинде колдонулат. *Бул бир байкуш да.*

**БАЙКУШТУК** Бечаралык, мусапырлык. *Байкуштук тартып алтын баш, Байландым азап жолуна* (фольклор).

**БАЙЛА I** 1. Жип, аркан, чынжыр сыяктуу түйүштүрүүгө, илиништирүүгө боло турган нерселер менен таңып, чырмап же кошуп бекитүү, байланыштыруу. *Жанагы Желкикараны өз чылбыры менен эки колун аркасына тырыштыра байладым* (Сыдыкбеков). *Ал болбостон коёнду менин канжыгама байлады* (Каимов). 2. Тосуп, бууп коюу өткөрбөй бекитүү. *Тээ тетиги түрүнгөн, Кулагын байлап, суу жыгып, Ал да жүргөн кужурмөн* (Турусбеков). 3. Дан, мөмө, бүчүр алуу, түйүлүү, өсүп чыгуу. *Алма дарак куппуруп, Башында мөмө байлаган* (Осмонкул). *Өзөндөн тиккен дарактар Баары тегиз бүр байлап* (Турусбеков). *Казы байлап Жанаалы, Капталын чыңап семирген* (Токтогул). Дем күч, кубат алуу, пайда болуу. *Бир карааны тиер бекен деп, Жүрөм Айчүрөккө дем байлап* («Сейтек»). *Канчалык кайрат байлап жулунсам да, Айласыз жетегине далай көнгөм* (Бөкөнбаев). *Ошондо абам күч байлайт, Колуна балбан кубанып* (Бөкөнбаев). 4. Эттентүү, семиртүү, ат чабышка даярдоо ж. б. максаттарда ээн-эркин коё бербей, атайын багуу. *Аккуладай элиртип Аттарды семиз байлагын* (Осмонкул). *Алып келип чабууга Күлүк атын байласын* («Манас»). 5. *өт.* Тоскоол болуу, жолтоолук кылуу, жолун тороо, бууп салуу, токтотуу. *Байлапсың базар жолумду, ата* («Эр Төштүк»). *Жоонун жолун байлайлы, Жолотпой кайра айдайлы* («Эр Табылды»). *Анын бактысын байладың* (Токомбаев).

**БАЙЛА II** 1. Багыттоо, мээлөө, көздөө. *Эгерде кыргоол алдыңан кыйгач учса, тумшугунан байла* (Каимов). *Эгерде кыргоол бет алдыңды көздөй учса, бутунан байла* (Каимов). 2. *диал.* Байкоо, андуу.

**БАЙЛАЛУУ** Байланып коюлган. *Байлалуу жатат балбаны* («Манас»). *Байлалуу турган аттардын Чылбырын кыя чапты эми* («Эр Табылды»).

**БАЙЛАМ** (бир байлам) Башка салына турган жоолуктун же байлоого боло турган башка нерселердин бир ирет байлоого жете тургандай эң кичине өлчөмү. *Башында бир байлам боз жоолугу бар* (Сасыкбаев). *Белин бир байлам боз кур менен курчаган* (Жантөшев).

**БАЙЛАМА байланыштыргыч** менен бирдей.

**БАЙЛАМТА** 1. Суу тосулган жер, сууну бөгөп же башка жакка буруп жиберүүчү бөгөт. *Кээ бир күндөрү жалкындуу кетменди курчута чыгып, байламталарды оңдойт* (Сыдыкбеков). 2. *грамм.* Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруучу кызматчы сөз: да, менен, жана ж. б.

**БАЙЛАН байла** этишинин өздүк мамилеси. *Душманга кеттим байланып, Тууганым көрбөй зарланып* (Токтогул). *Кычан канжыгасына дайыма көтөрмө байланып жүрөт* (Бейшеналиев).

**БАЙЛАНУУ I байлан** этишинин кыймыл атоочу. *Байлануу четте турган атын алып, Бошобой болочокко кайраттанып* (Осмонов).

**БАЙЛАНУУ II байлалуу** менен бирдей.

**БАЙЛАНЫШ I** 1. Адамдардын, коллективдин коом ичиндеги карым-катыш, бирибирине карата болгон мамилеси. 2. Катнашуу, почта тарабындагы техникалык жана практикалык иштерди жүргүзүп, тейлеп туруучу мекеме. *Байланыш конторасы. Ал*

*жердеги байланыш бөлүмүндөгү телефондон райондук ооруканага тез жардам керек деген кабар келди* («Ден соолук»). 3. Байланыштуу, катышы бар. *Байланыш атаң басмачы менен, Танбагын Дилбар аныгың билем* (Абдыраманов).

**БАЙЛАНЫШ II** 1. Телефон же башка каражаттар аркылуу кабарлашуу, белгилүү бир мамиледе болуу, сүйлөшүү. *Үйүнө телефон чалып, ошол эле күнү байланышты.* 2. Кандайдыр бир тиешеси, катышы болуу. *Акча жөнөкөй кагаз эмес. Байланышат экономика, саясатка* (Шүкүрбеков).

**БАЙЛАНЫШ ПРОГРАММАСЫ** *комп.* Көп учурда офистин сыртында жүргөн кызматкерлер пайдаланышкан программасы.

**БАЙЛАНЫШСЫЗ** өз ара байланышы же тиешеси жок. *Сүйлөмдөрү байланышсыз. Ишке байланышсыз сөздөр айтылды.*

**БАЙЛАНЫШСЫЗДЫК** Байланышы, тиешеси жоктук. *Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышсыздыгынын натыйжасында, сүйлөм түшүнүксүз болуп чыккан.*

**БАЙЛАНЫШТУУ** Тийиштүү, байланышы бар. *Алымкул эки күндүн ичинде үй тиричилигине байланыштуу оор жумуштарды бүтүрдү* (Абдукаримов). ‖ Кандайдыр бир иштин натыйжасында, себептүү. *Ошого байланыштуу Рыскулбек уулдарынын өлчөмсүз күчтөрүн айтып макташат* (Токомбаев).

**БАЙЛАНЫШТУУЛУК** Кандайдыр бир байланыш бар экендик, байланышта болуу сапаты, өз ара байланыш. *Сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланыштуулугу.*

**БАЙЛАНЫШТЫР** 1. Байланыш этишинин аркылуу мамилеси. *Телефонистка тез эле шаар менен байланыштырып койду.* 2. Бир нерсени экинчи бир нерсе менен байланышта кароо, тиешеси, байланышы бар экендигин белгилөө. *Белекке байланыштырып, Сыдыкты да каралаптыр* (Жантөшев). 3. Бир-бирине байлап коюу, кошуу, улаштыруу, туташтыруу. *Зымдын үзүлүп калган жерин түйүштүрүп байланыштырып койду.* Кандайдыр бир байланышка туш келүү же баш кошуу. *Аларды тагдыр байланыштырды.*

**БАЙЛАНЫШТЫРГЫЧ** Байланыштыруучу, байланыштыруу милдетин аткаруучу. *Байланыштыргыч түйүн. Байланыштыргыч деталь.*

**БАЙЛАНЫШТЫРУУ байланыштыр** этишинин кыймыл атоочу. *Аңгемени күндөлүк жаңылыктар менен байланыштыруу.*

**БАЙЛАНЫШТЫРУУЧУ** Байланыштыра турган, байланыш түзүүчү. *Шаар менен байланыштыруучу жол. Байланыштыруучу линия.*

**БАЙЛАНЫШТЫРЫЛ байланыштыр** этишинин туюк мамилеси. *Аңгеме, окуя саанчы кыздын эмгеги менен байланыштырылат.*

**БАЙЛАНЫШУУ байланыш** этишинин кыймыл атоочу. *Телефон аркылуу байланышуу. Бүгүндөн калбай байланышуу.*

**БАЙЛАНЫШЧЫ** Радио, телефон ж.б. аркылуу байланыш иштерин жүргүзүүчү же ушундай мекемелерде иштөөчү кызматкер. *Селолук радио түйүнүндө иштөөчү байланышчылар. Байланышчы болуп иштөө.* Радионун, телефондун жардамы менен же түздөн-түз каттоо аркылуу подразделениелердин ортосунда байланыш түзүп, же байланыш кызматында иштөөчү. *Бул сөздү байланышчы айтып келди, Атайын издеп жүрүп Кубат эрге* (Үмөталиев).

**БАЙЛАТ байла I** этишинин аркылуу мамилеси. *Деп байлатып колумду, Камчыга тутту жонумду* (Барпы).

**БАЙЛАТМА** Байламайынча токтоно албай оолугуп кетүүчү оорусу бар, кээде жөн коюу коркунучтуу болгон оору. *Байлатма жинди. Байлатмасы кармоо.*

**БАЙЛАШ I байла** этишинин кош мамилеси. *Ашым козуларды, байлашты. Керим атасына жардамдашып, кулундарды байлашты.*

**БАЙЛАШ II** Сөз талашуу, талашка коюп мелдешүү. *Бактылууга бактысыз Байлашса кандай теңелет?* (Токтогул).

**БАЙЛАШТЫР** Жипти, бир нерсенин учун ж. б. бири-бирине байлоо. *Эки жиптин учун байлаштырды.*

**БАЙЛАШТЫРУУ байлаштыр** этишинин кыймыл атоочу. *Тизгиндин учун байлаштыруу. Аттарды бири-бирине байлаштыруу.*

**БАЙЛОО байла I** этишинин кыймыл атоочу. *Байлоодогу айгырлар Жалын желге сапырып, Азынашып зиркилдейт* (Токомбаев).

**БАЙЛООЛУУ байлалуу** менен бирдей. *Байлоолуу турган ат. Эки колу байлоолуу.*

**БАЙЛООЧ** 1. Ат байлай турган мамы, казык. *Байлоочко барып атын байлады.* 2. Алгыр куштарды кармоо үчүн жайылган тордун ичине байланган көгүчкөн, таан ж.б. *Байлоочко арналган көгүчкөн. Байлоочту алам деп торго түшкөн куш.* 3. Эч нерсеге жарабаган, колунан эч нерсе келбеген (көбүнчө адамга, кээде салууга жарабаган бүркүткө карата). *Байлоочтун бири. Байлооч болуп калды. – Ээ, балам! Карылык дегениң ушул экен! А дегенде белден алып, анан эки бутуңду тушап, байлооч бүркүттөй кылып отургузуп коёт экен* («Ала-Тоо»).

**БАЙЛООЧ ТОР** *аңч.* Төрт тарабы туюк тор, жайганда киши жанында күтпөйт, улам карап турат.

**БАЙЛУ** Үкү, жапалак, мыкый үкү, бабырган. *О, алыскы акылга камтылгыс түпкүр, керең заман. Күү-дүү удургуган шамалга аралаш уңкулдап бөрү улуп, үстүндө байлу коркунучтуу балдырап турса, кенебей, жайдак жондо ээрин жазданып, эки колун*

*чокусуна алып, кыргыз таш уйкуда коңуручк тартат* (Касымбеков).

**БАЙЛУКАНА** Үкү жапалак,мыкый үкүнүн жайы. *Ата жайын байлуканага айландырып таштап, жаңы үйүндө мамур-жумур жашаганын көрүп турабыз го. Арбак ыраазы болмоюн тирүү жан жарыбайт* (Мавлянов).

**БАЙЛЫК** 1. Көп сандагы мал-мүлк, акча, кымбат баалуу буюмдар, асыл заттар. *Байлыгымды көрүнтөм, Алтынды таштай бөлүнтөм* («Манас»). 2. Бай табигый кенч, ар кандай материалдык кенч. *Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча жергеси, Жайыт, төрү, дан талаасы, сан байлыктын энеси* (Осмонов). *Аркы өйүздөгү токой байлыгына баруу үчүн жол жана көпүрө салынып жатат* (Жантөшев). 3. Толук жетиштүүлүк, көптүк, молдук, жакшы сапаттарга бай экендик. *Чыгарма эл массасынын идеялык-эстетикалык суроосун канча канагаттандыра алса, ал духовный байлыкка ошончо таандык болот* (Токомбаев).

**БАЙМА-БАЙ** Үзгүлтүксүз, удаа-удаа, тынбай. *Жамбыл аркылуу өткөн эшалондор Батыш менен Чыгышка күнү-түнү байма-бай каттап турду* (Айтматов).

**БАЙМАК** Жылкынын туягынын үстү жагы менен чачыгынын ортосундагы ичке жери. *Баймагынан байлап кой.*

**БАЙМАКТА** Баймагынан байлоо. *Ээрин алып жайдактап, Кишен салып баймактап* («Сейтек»).

**БАЙМАКТАТ баймакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Атын баймактатып байлатты.*

**БАЙМАКТОО баймакта** этишинин кыймыл атоочу. *Бутун тушап баймактоо.*

**БАЙМАЛУУ** *сейр.* Оймо-чийме салынган, кооздолгон. *Бу кара саат карандын, Жабык башы баймалуу* («Сейтек»).

**БАЙМАНА** *сейр.* Байлык, дүнүйө-мүлк. *Мен байманам ташыганынан кетиптирминби* (Бейшеналиев).

**БАЙ-МАНАП** Ак сөөк, манап.

**БАЙМАНАСЫ ТАШУУ** Дүйнөсү, байлыгы өтө көп болуу, ашыкча болуу. *Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбүз байманабыз ташыганынан келди дейсиздерби* (Бейшеналиев). *Арааны ачылып, байманасы ташыган жаш манаптын чолосу тийбейт* (Бейшеналиев).

**БАЙМАНЧЫКТА** Айланчыктоо, баш калканч кылып айланчыктап жүрүү. *Байкуш биздин айылда байманчыктап жүрөт.*

**БАЙНАЛМИЛАЛ** *эск.* Интернационал. *Үчүнчү байналмилалды Жети кылым уккапы* (Тоголок Молдо).

**БАЙНЕК** Кылычтын кынынын учундагы темирден жасалган кутуча. *Кыны кызыл, сабы алтын, байнектери сары алтын* (фольк.).

**БАЙПАГЫ МАКМАЛ БОЛУУ** Оокат-тиричилиги кенен, кийим-кечеси мыкты, жыргалчылыкта жашоо. *Анда сенин байпагың макмал болот* (Бектенов). **В.: Байпагы манат болуу.** *Элдин байпагы манат болуп, ак нанды туурасынан чайнаган мезгил.*

**БАЙПАЙ** Шашылбаган, балпайып жай, чайпала, темселе баскан кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Басып келди байпайып* (фольк.).

**БАЙПАК** Тизеге чейин же тизеден өткөн узундуктагы, машинанын жардамы же колдон токулуп жасалып, бут кийимдин ичинен кийилүүчү жука кийим. *Жүн байпак. Жибек байпак. Каныйпа тыбыттан мээлей, байпак, чамасы келсе, келишкен моюн орогуч сокмокчу* (Абдумомунов). *Мен байпакты чулгоодон жадаганымдан кийдим* (Каимов).

**БАЙПАКЧАН** Байпак кийген түрүндө, бутунда байпагы бар. *Кепич кийбей байпакчан, Кейип басат курган жан* («Семетей»).

**БАЙПАҢ: байпаң-байпаң** Майпаңдай эки жакка оой баскан кыймыл-аракетти көрсөтүүдө колдонулат.

**БАЙПАҢДА** Байпаң-байпаң этип басуу, теңселүү, кыймылдоо, майпаңдай басуу. *Ал чайпала байпаңдап басты.*

**БАЙРАК** Желек, туу. *Жолойду Кошой жыкканда Байракты Бакай булгады* («Манас»).

**БАЙРАКТУУ** Байрагы бар, туулуу. *Байлардын үшүн кетирген, Байрактуу элди карачы* (Токтогул).

**БАЙСА** Сокмо дубалдын катмары. *Кунаны бийик түйүлөт, Жети байса дубалдан* (Осмонкул).

**БАЙСАЛ** *сейр.* Тынч, жайчылык, жайкерчилик, тынччылык. *Асандан күн батканча байсал таппай, Ал шордуу кап көтөрүп тынбай жүрдү* (Бөкөнбаев).

**БАЙСАЛДУУ** Жайлуу, тынч, бейпил, коогалаңсыз. О, *жеңелер, сапарыңар байсалдуу болсун* (Жантөшев).

**БАЙСАЛСЫЗ** Жайсыз, орунсуз, ыксыз. *Кызым байсалсыз жерге барып калды.*

**БАЙСАЛСЫЗДЫК** Орунсуздук, жөнү жоктук, туруксуздук. *Жыл өткөн сайын эринин сөзүнүн байсалсыздыгын байкап, катылып каршы чыкпаса да, аны жылуу сөз менен башка жолго буруунун таалимин тапкан Уулжан кашын кагып, шаңк этти* (Каимов).

**БАЙСЫН** Өзүн өзү баймын деп саноо, барсынуу, өзүн бай катарында көрсөтүүгө аракет кылуу. *Ал чөнтөгүнө анча-мынча акча түшсө, байсынып, керкейип кала турган неме* («Чалкан»).

**БАЙСЫНУУ байсын** этишинин кыймыл атоочу. *Менменсинүү, байсынуу – жакшылыкка алып барбайт.*

**БАЙТ** *комп.* Сегиз биттен турган экилик цифралар тобу. Цифраны же символду компьютерде көрсөтүүдө колдонулат.

**БАЙТАБА** *диал.* Балтырга же жалпы эле бутка оролгон чулгоо.

**БАЙТАК** 1. Борбор. *Бир жубалдын калаасын, Байтак болгон жаңыдан* (Тоголок Молдо). 2. *диал.* Тоонун арасындагы же этегиндеги мал жаюуга, кыштатууга ылайык келүүчү түз жер. *Байтак-байтак, байтак жол, Байтак жолдон кош келет, Байтал минген кыз келет* (фольклор).

**БАЙТАКТЫ** Кандын, падышанын тагы, отургучу же ордосу. *Байтакты борбор кылып өткөн экен, алардын өтүп кеткен аталары* («Эл адабияты»).

**БАЙТАЛ** 1. Кулундай элек ургаачы жылкы. *Кунан байтал. Бышты байтал. Каныбек сары жүнү али түлөп түшө элек жээрде байтал минип алган* (Жантөшев). *Бээ туумайынча байтал аты калбайт* (макал). 2. *диал.* Бээлерге карата колдонулуучу жалпы ат.

**БАЙТАЛ БЭЭ** Биринчи жолу кулундаган бээ. *Жайлоодогу биз ичкен, Байтал бээнин бал кымыз* (Осмонов).

**БАЙТАЛМАН** 1. Эч кимге керексиз, баары баш тарткан, баары таштап кеткен. 2. Жексур, жек көрүмчү. *Нурзулман деген байталман* («Манас» С.О.). *Жакшы көрөт энеси, Ичтен чыккан байталман, Жазганып турат уулунан, Жамандап элге айтардан* (Тоголок Молдо).

**БАЙТАМА** *диал.* Байтаба.

**БАЙТЕРЕК** Жалбырактары калың, туш-тушка тармакталып бутактап чыгуучу чоң терек. *Капчыгайда кучак жеткис жоон байтеректери да, жапыз өсүп, калың шагы жерди көздөй ийилип, күрпүлдөк суу менен аралашып жаткан талдарды да көрөсүң* (Абдукаримов).

**БАЙТЕШЕ** *тар.* Уста шайманы, чот түспөлдүү, жазы миздүү, жыгач сап ашталат, ал жыгач устачылык ишинде жумуру, жоон жыгачтардын түздөп чабууда кеңири колдонулат. *Арыкбайдын ийнинде байтешеси, бир колунда кол араасы бар эле* (Абдукаримов). *Балта, керки, байтеше, Таптаттың го, жокчулук* («Эл адабияты»).

**БАЙЧЕГИР** Алгыр, кыраан бүркүттүн бир түрү. *Менин атам бүркүтчү,– деп Мурат сөзүн улады. – Байчегир, куучегир, үчала деген бүркүттөр болот* (Байтемиров).

**БАЙЧЕКЕ** Байланып алуучу, таманы тери бут кийим.

**БАЙЧЕЧЕК байчечекей** менен бирдей. *Жайкалып жашыл жибек миң кубулуп, Чачырайт ак байчечек төрдүн гүлү* (Үмөталиев). *Алийман эрте жазда байчечекти кар астынан да таап келе турган* (Айтматов).

**БАЙЧЕЧЕКЕЙ** Кар кетери менен жаз алдында чыга турган майда ак, сары гүлдүү өсүмдүк. *Байчечекей, мандалак Жайнаган жердин бетинде* (Токтогул).

**БАЙЫ I** Байлыгы көбөйүү, дүнүйө-мүлкү артуу, бай болуу. *Базары жакын байыбайт* (макал). *Ууру байыбайт* (макал). *Байып алды дүркүрөп, «Коммунизм» колхозу* (Осмонов).

**БАЙЫ II** 1. Саан малдын сүтү кайтуу, саадырбай калуу. *Эмизип саалган уйлар эрте байып, сүттү аз берет* (Убукеев). 2. Тартылуу, азаюу. *Эт кайнай берип, сорпосу байып кетиптир.*

**БАЙЫМ I** Үйүр алып көнүп калуучулук, чыдам, көнүм. *Карыганда адамдын суукка байымы жок болуп калат тура* (Абдумомунов).

**БАЙЫМ II** Байкоо, байкоочулук, баам. *Өз байымында жакшы киши экенине көзү жетти. Акылга келген байымың,Чырагым, айтып кеткин дайының* («Эл адабияты»).

**БАЙЫМДА I** Үйүр алып, көнүп калуу, үйрөнүп, бир жерге турук алып калуу, байыр алып калуу. *Ишке үйрөнүп байымдап кетти. Жаңы жерге байымдап, туруп калышты.*

**БАЙЫМДА II баамда** менен бирдей. *Арачы киши мен элем, Солтобай, сөзүмдү көрчү байымдап* («Олжобай менен Кишимжан»). *Убайымы көп экен, Олтурдум бир аз байымдап* (Осмонкул).

**БАЙЫМДОО I байымда I** этишинин кыймыл атоочу. *Жакшылап үйрөнүү үчүн бир жерге турук алып байымдоо керек.*

**БАЙЫМДОО II байымда II** этишинин кыймыл атоочу. *Эртеден берки аракетине алдыртан көз салып, кыраакылык менен байымдоодо.*

**БАЙЫМДУУ** Чыдамдуу, туруштук бере ала турган, токтомдуу. *Суукка байымдуу.*

**БАЙЫМДУУЛУК** Чыдамдуулук, токтомдуулук. *Суукка байымдуулук. Байымдуулугу жок.*

**БАЙЫМДЫК байымдуулук** менен бирдей. *Толгоого кылып жатты байымдыкты* (Токомбаев).

**БАЙЫМСЫЗ** Чыдамсыз, туруктуу эмес, чыдамкайлыгы жок. *Ошондо эле билгем, сиздин түркөй, байымсыз жаман адам экениңизди* (Касымбеков).

**БАЙЫМСЫЗДЫК** Чыдамсыздык. *Карыбек дагы бир аз күтө турбай байымсыздык кылды* (Жантөшев).

**БАЙЫМЧЫЛ** Баамдагыч, байкагыч, баамчыл. *Айзаданын көздөрү байымчыл, бир жан жылыткан оту, мейри бар, жадырап карап, ойлуу* (Касымбеков).

**БАЙЫН** Ачык, даана, так. Мусулман шариятында: *талак байын* кайта жарашпай турган талак. *Үч байындын мааниси, Молдолорго куп дайын* (Тоголок Молдо).

**БАЙЫР** 1. Белгилүү бир жерге токтолуп,

турук алуучулук, үйрөнүшүп, жайланып калгандык. *Ошондон бери бул кемпир Байыр алды үйүнө* (Жантөшев). *Бирок Зарлык Сазановкага көп байыр алган жок* (Элебаев). 2 Ынак, үйүр. *Жарды менен жалчыга Байыр элең Токтогул* (Барпы). 3. Шайкелең эмес, салабаттуу, токтоо, омоктуу. *Бириң – кыздын шайыры, Бириң – кыздын байыры.* (Барпы).

**БАЙЫРКЫ** Илгерки, эзелки, Мурунку, мурдагы, баштагы, эски. *Байыркы дүйнө. Байыркы шаар* ‖ *Байыркы молдо табылгы чыбыгын көтөрсө, балдардын башы жерге кире түшчү эле* (Сыдыкбеков). *Атам байыркы койчу, азыркы чала актив* (Касымбеков).

**БАЙЫРЛА** 1. Бир жерге турук алуу байыр алуу. *Жуманазар үй-бүлөсү менен ошол жерге байырлап туруп калды* («Ала-Тоо»). 2. Үйүр алуу, жакын көрүү, айланчыктоо. *Түгөл Сапарга байырлады* (Бейшеналиев).

**БАЙЫРЛАН байырла** этишинин өздүк мамилеси. *Адам табигый шарттар эмес, жасалма шарттарга да байырланып, ага көнүгүп жатат* (Каимов).

**БАЙЫРЛОО байырла** этишинин кыймыл атоочу. *Бир орунга байырлоо. Башка бирөөгө байырлоо.*

**БАЙЫРТАДАН байыртан** менен бирдей. *Байыртадан коңшулаш жашаган эле.*

**БАЙЫРТАН** Байыркы мезгилден, илгертен. *Байыртан кылыч байланып, Майданда жүрүп бышкан эл* (Бөкөнбаев). ‖ Мурдатан, мурунтадан, баштатан. *Омор байыртан сөөгүнө сиңген адаттарын таштай элек* (Сыдыкбеков).

**БАЙЫРЫ** Илгери, мурда, илгерки убак, байыркы мезгилде. *Байыры бир мезгилдерде. Байыры болгон окуя.*

**БАЙЫС** Кайрат, сабыр. *Кантсе да баатыр уулсуң Кармасаң боло байысты* («Эл адабияты»).

**БАЙЫСТУУ** Токтоо, салмактуу, ар нерсеге чыдамдуу, оор-басырык. – *Сабыр эт. Түшүр камчыңды, – деп Жайдар адатынча байыстуу сүйлөп, эринин ээликкен жинин басты* (Айтматов). *Буйтап басып кеткенине ичим ачышса да, байыстуулугуна ыраазы болдум* (Жакыпбеков).

**БАЙЫТ I байы I** этишинин аркылуу мамилеси. *Мен сага көп акча беремин, байытамын* (Сасыкбаев).

**БАЙЫТ II байы II** этишинин аркылуу мамилеси. *Шайыр уйларды тууруна 50–60 күн калганда байытат* («Айыл чарба»).

**БАК I** 1. Бакыт-таалай: ойдогу самагандарына жетишип, ырыстуу жашоо. 2. Бакты-таалайдын ээси. *«Бак карап, Кыдыр даарыган» адам түбөлүк бакты – таалайлуу, ар дайым жолдуу болот. Ак сакалы Бак экен* («Манас» С.О.).

**БАК II** Өсүп турган көп жылдык жыгач өсүмдүгү жана ушундай жыгач өсүмдүктөрүнүн тобу. *Алмалуу бак көтөрө албай мөмөсүн Бутун шактар туш-тушунан жөлөнгөн* (Токомбаев). *Мөлтүрөп ийген шактарын Мөмөлүү жыгач бактарын* (Маликов). *Бак аралап сымаптай суу Ыргып ойнойт шылдырап* (Токомбаев).

**БАК III** 1. Тарбиялап өстүрүп же материалдык жардам көрсөтүп, өмүр сүрүүсү, жашоосу үчүн камкордук көрүү. *Абазды ушул кемпир багып чоңойткон* (Таштемиров): *Муканбай бой тартып энесин бага баштады* («Ден соолук»). 2. Мал үчүн камкордук көрүү, жем-чөп берүү, жайытка чыгаруу сыяктуу камылга кылуу иштерин жүргүзүү. *Эгин айдап, мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул). *Окуп алган киши үйду бакса, ага көк көйнөктү жолотпойт* (Сыдыкбеков). ‖ Ар кандай жаныбарларды, үй айбандарын, канаттууларды колдо асыроо. *Коён, тоок багамын, Аларга короо саламын* (Осмонов). *Жайдан кышка шаңшытып, Алгыр бүркүт бакканың* (Токтогул). 3. Эгиндин, бак-дарактардын же башка ар кандай өсүмдүктөрдүн өсүшү үчүн кам көрүү. *Эгиндер толуп көйкөлөт, Кадырлап баксак кадырлап, Береке берер өмүргө биздин колдон өнгөн бак* (Осмонов). 4. Кароо. *Ак шишик баскан балдарды тик бага албай жүрдүм* (Айтматов). *Күн тийгендей жаркырап, Күлө багып жайнайсың* (Токтогул). 5. Сак-сактоо, кайтаруу, кароо, көзөмөлдөө, байкоого алуу. *Калың кыргыз, кыпчакты Кас душмандан ким багат?* («Курманбек»). *Эр Манастын күмбөзүн Эченден бери багат дейт* («Эр Табылды»). 6. Кандайдыр бир аракетти жасап көрүү, байкап көрүү маанисинде көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Белекке бердим, кийип бак, Белсенип жоого тийип бак* («Сейтек»). *Өлбөй тирүү калбайсың, Жан аманат, ойлоп бак* (Токтогул). *Келишимдүү Тоотору ат Кежирлик кылбай, минип бак* («Сейтек»).

**БАК IV** Суюк заттар куюлуучу, көбүнчө цилиндр формасындагы чоң идиш. *Биздин мектептин кире бериш жеринде суу толтурулган бак турат.*

**БАК-БАК** Бийик жана катуу чыккан үндү, жагалдана бакылдап сүйлөгөндөгү көтөрүңкү үндү билдирүүдө колдонулат. *Бак-бак этип Ызакулдун үнү катуу чыгат* (Бейшеналиев).

**БАК ДААРЫСЫН** Зор байлык, бакыт келсин, зоболоң көтөрүлсүн, даражаң артсын деген сыяктуу мааниде колдонулуучу алкыш. *Оозуңа май, догдурум! Мындан да зоболоң көтөрүлүп, бак даарысын! Мен макулмун кагылайын!* (Саатов).

**БАК КОНУУ** Иши илгерилөө, даражасы, мартабасы көтөрүлүү, атак-даңкы чыгуу. *Бак конгон жигит. Акылсызга бак консо, Башын чулгуйт ойдолоп* (Осмонкул). *Ою эргип*

*акылы толобу да, элине эмгеги сиңип бак конобу?* (Жантөшев) **В.: Башына бак конуу.** *Дүр мырзанын башына бак конуп, ташы өөдө кулап турган чагы* (Бейшеналиев).

**БАКА** Арткы буттары секирип жүрүүгө ылайык узун, кургакта да, сууда да жашоочу жаныбар. *Кур бака. Суу бака. Көлүндө бака чардаган, Көгүндө күкүк сайраган* («Манас»).

**БАКА БАШ** Бүркүттүн түрү.

**БАКА ЖАЛБЫРАК** Суулуу, саздуу жерлерде чыгуучу кичирээк жазы жалбырактуу өсүмдүк. *Тоту жеңем бака жалбырак алып келип, жарага жанчып тартты* (Жантөшев).

**БАКА МАҢДАБАЙ, ЖЫЛАН ЖЫТТАБАЙ КАЛУУ** Эч ким кирбей, эч бир жан каттабай, барбай калуу, жымжырт болуп бош калуу, ээн калуу. *Биринчи күнү эки саат күтсөк да, дарбазаны бирөө ачмак тургай бака маңдап, жылан жыттаган жок* (Саатов).

**БАКА-ШАКА** Жандуу аракет, шандуу үнгө толгон кызуу кыймыл. *Тетигинде сонун эмгек бака-шака бардык жерде курулуш* (Убукеев). ‖ Бакылдаган-шакылдаган үн аралаш тополондуу кыймыл-аракет. *Үчүнчү күнү эртең менен журт бака-шака түшүп, жапырт, көчүп калды* (Баялинов).

**БАКАЙ** Жылкынын, бодо малдын туягынан жогорку биринчи мууну. *Тору тулпар ак бакай Жылкыдан бүткөн найзадай* (Токомбаев).

**БАКАЙЛА** Бакайдан алуу, бакайдан кармоо, бакайдан байлоо. *Бакайлап байланган ат.*

**БАКАЛ I** Сотосунан ажыратылган жүгөрүнүн жалбырактары менен сабагы. *Силос-толгон бакалынан жегенде, Саан уйлар чака-чака сүт берет* (Осмонкул). *Сасыкбайдыкы жүгөрү бакал менен жапкан жаман там* (Байтемиров). // Дан эгиндеринин саманы. *Барактардын асты жер болуп, ага зыгыр бакалы төшөлгөн* (Абдукаримов). *Алачыктын астына шалынын жумушак бакалы төшөлгөн* (Абдукаримов).

**БАКАЛ II** *эск.* Чай, туз, кант ж.б. майда-чүйдө сатуучу кичинекей дүкөнчө. Бакалея. *Бакалдар сатат баарыны Байкатып айтам шалыны* (Тоголок Молдо). *Базар көркү – бакал, эр көркү – сакал* (макал).

**БАКАЛА** Жол чалуу, кароо, көз салып багуу, байкоо. *Ат аябай жол жүрүп, чоң Кең-Колду жакалап, Баткендин боюн бакалап* («Сейтек»). *Атты такалаганча, жолду бакала (макал).*

**БАКАЛАВР** 1. Университет жана башка да жогорку окуу жайын бүтүргөндөргө берилген алгачкы илимий даража. 2. Россияда 1869-жылга чейин Руханий академиянын окутуучусу, адъюнкт-профессор. 3. Базалык жогорку билимдин академиялык даражасы.

**БАКАЛАВРИАТ** 1. Студенттерге жогорку базалуу билим берүүчү окуу жайдын үч, беш жылдык окуу формасы (коммерциялык негизде) жана квалификациялык экзамен же дипломдук сочинениенин жыйынтыгы боюнча бакалавр даражасы. 2. Ошондой формада жогорку окуу жайдын факультети, бөлүмү.

**БАКАЛАКТА** Тамагына күч келтире барт-барт бакылдоо. *Дал ушул учурда келип тура калган кочкор бакалактады* (Жантөшев).

**БАКАЛДА** Эгиндин бакалын бөлүү, саманын бөлүү. *Алар бат эле жүгөрүнү бакалдап жиберишти.*

**БАКАЛДОО бакалда** этишинин кыймыл атоочу. *Эгиндин данын алып бакалдоо кечиктирилбей жүргүзүлүүгө тийиш.*

**БАКАЛДУУ** Бакалы бар, бакалы көп. *Бакалдуу эгиндер.*

**БАКАЛЕЯ** Кант, чай, ун, күрүч, кургатылган жемиш сыяктуу азык-түлүктөр. *Бакалея товарлары. Бакалея бөлүмү.* ‖ Ушундай азык-түлүктөрдү сатуучу дүкөн. *Бакалеядан барып чай, кант алдым.*

**БАКАЛОО** 1. Пааналап, каралап жашап жүрүү. 2. Кароо, көзөмөлдөө, багуу. 3. Жол чалуу, байкоо жүргүзүү. *Алтай тоосун бакалап, Боз адырмак чыбырдын Этек жагын жакалап.* («Манас» С.К.). *Бай Жакыпты бакалап.* («Манас» С.О.). *Кара-кырлап бакалап* («Семетей» С.К.).

**БАКАЛООР** 1. Кекиртектин үстүнкү жана ээктин астыңкы бөлүгү кошулушкан жер, алкым. *Мукамбайдын бакалооруна кандайдыр бир катуу нерсе тирелип тура калгандай болот* (Абдукаримов). 2. Сууда жашоочу жаныбарлардын дем алуу органы. *Балыктардын дем алуу органдары – бакалоорлору, ал балыктын дем алуусун жакшы камсыз кылат.*

**БАКАЛООРЛО** Бакалоордон алуу, бакалоордон кармоо. *Жашынып отурган Акмат чочуп кетип, ким экенин ажырата албай бакалоордой калды* (Жантөшев).

**БАКАЛУУ** Бакасы көп, бакалары бар. *Бакалуу көл. Бакалуу булак.*

**БАКАЛЧЫ** Майда буюмдар менен соода жүргүзүүчү адам, бакалда соода кылган киши. *Бакалчылар майда-чүйдө буюмдарын жыйнап, дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев). *Бакалчы акенин эрке кызына эми тил кайтарып көрүңүз, төлөөрүн кайтартып, сарбандарына чымчылаштырсын* (Абакиров).

**БАКАН** Бир нерсени жөлөп көтөрүүгө, тирөөгө же илип коюуга ылайыкталып жасалган шыргый жыгач. *Бакан менен шоңшойтуп көтөрүп койгон түндүктүн ачык жак капталынан чаба жааган жамгыр салаалап шорголоп, коломтонун төр жагына түшүп жатат* (Токомбаев). Найза катарында курал ордуна колдонулуучу узун

шыргый. *Бакан, союл карса-карс, Баш жарылып тарса-тарс* (Тоголок Молдо). ‖ Суу көтөрүүгө пайдаланылуучу узун шыргый жыгач, суу көтөргүч, апкөч. *Салима ийниндеги баканга илинген эки чака менен суу алып келаткан* (Абдукаримов).

**БАКАН КОЮУ** *тар.* Толготуп жаткан аялдын көз жаруусун – төрөтүн – жеңилдетүү максатында иштелген аракет, толготкон аял түбүнө олтуруп, эки колдоп кармап асылып, таяныч катары пайдаланууга ылайыкталып боз үйдүн ичинде орнотулган жыгач, көбүнчө бакан орнотулган. *Алтындан бакан коюлду.* («Манас» С.О.).

**БАКАНДА** 1. Бакан менен көтөрүү, баканга илип, ийинге салып көтөрүү. *Кыштактын эли ичер сууну Жаңы-Арыктан алышып, бакандап көтөрүп келишет* (Абдукаримов). 2. Бакан менен уруу, согуу. *Бакандап кууп чыгуу.*

**БАКАНДАЙ** Керилген, олбурлуу, алибеттүү, бакубат. *Бакандай жигит. – О, айланайын! Мына бакандай азамат болгон турбайсыңбы!* (Өмүрбаев). ‖ Бир кыйла чоң, мыкты, белдүү. *Иши кылып бүтүп келчи, бакандай болгон кызмат беребиз* (Байтемиров).

**БАКАНДАШ** **баканда** этишинин кош мамилеси. *Сууларын бакандашып алып баса түшүп, токтоп калышат* (Турусбеков). *Маңдай-тескей турушуп, Бакандашып урушуп* («Эр Төштүк»).

**БАКАНДОО** **баканда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАКАНООЗ** Сөз ташуучу, тыңчы. *Бөлөктөн барса ал жерге, Баканооз чыгып ичинен, Түбүнө чогуу жетет деп* («Манас»). *Баканооз болуп ишиме* («Семетей» С.К.).

**БАКАНООЗДУК** Тыңчылык, сөз ташуучулук. *Баканооздук кылуу. Баканооздук иш.*

**БАКАР** Уй. Уй жылы (экинчи жыл). *Эки жүз бакар салышар, Эки жүзүн тим койбой, Түрлөп айтып калыңар* («Манас»).

**БАКАТАЙ** Таамай, даана. *Бакатай жакшы чаба албай, Чоркоктун бири сен элең* («Манас»).

**БАКБАЯК** Жылкынын туягынын үстүндөгү шыйрактын жилигине чейинки мууну. *Бакбаяктан байлайлы* («Манас» С.К.). *Бакбаягын бүгүлтүп, Ат сураган катынды Чымындай жандан түңүлтүп* («Сейтек»).

**БАКБУРЧУН** Кытай императорунун титулу, кытай падышасынын наамы. *Басташканым – бакбурчун, Касташканым – какан чын* («Манас»).

**БАКДӨӨЛӨТ** Байлык, мансап, сый, урматка чулганган. *Ал бүгүнкү бакдөөлөттүү турмушуна ак эмгеги менен жеткенин ойлоп көңүлү ток* (Жакыпбеков).

**БАКЕНЕ** Кодоо, кыска. *Кудай же бойдон, же сакалдан айтпаптыр, кедейген бою бакене, чүрүшкөн ээгинде эки-үч куйкул сары кыл сербейип* (Айтматов).

**БАКЖАГАЙ** *туурасы:* **багжагай.**

**БАКЖАЙ** *туурасы:* **багжай.**

**БАКЖАКТА** *туурасы:* **багжакта.**

**БАКЖАНДА** *туурасы:* **багжаңда.**

**БАКЖЫЙ** *туурасы:* **багжый.**

**БАКИ I** *диал.* Маки. *Шамбет мүйүз саптуу бакисин чыгарып, муздай мисирейген теректин боорун оймологон* (Сыдыкбеков). *Чөнтөгүнөн алган бакиси менен арканды бырчылдатып кесип жиберди* (Жантөшев).

**БАКИ II** *диал.* Баары, бардык, бардыгы, бүт, бүткүл. *Эмки кыздардын бакисинин эле башы ачык го* (Касымбеков). *Айчүрөктүн бейжайлыгы кармаса, Баки журтка чуу баштайт* («Сейтек»).

**БАКИ ЖОГУ** Бүт, бардыгы, баары. *Баки жоктун баарына акчаң чак келеби?* (Бейшеналиев). *Баки жогу келди.*

**БАККАРА** Хрусталдын эң баалуу сортторунун бири.

**БАККЫС** **бактыр** менен бирдей. *Ат баккысып коюу.* // Кээде *бак* этишине карамакаршы мааниде. *Алым экинчи үйүнө ит баккыс болду* («Ден соолук»).

**БАККЫЧ** **багуучу** менен бирдей. *Айрысын солбуй кармап, ат баккыч Тарастын жанына келди* (Сасыкбаев).

**БАКЛАЖАН** Бадырандан чоңураак кызгылт көк түстөгү жашылча. *Баклажандан түрлүү тамактарды жасоого болот.*

**БАКЛАН** Пеликандар менен жакын, бир тукумга кире турган сууда сүзүүчү канаттуу.

**БАКМА** Колго багылган. *Бакма козу. Бакма айбан.* // Асыранды. *Багып алайын десе, бакма балдарды бир нече жолу багып жүрөгү күйгөн* (Токтогул).

**БАКМА КУЛ** *тар.* Феодалга туугандык, жакындык байланышы жок, бирок эптеп жанын багыш үчүн анын карамагында эзилип келген жакыр малай.

**БАКМАЛ** Баркыт, плюш.

**БАКС** *сүйл.* АКШнын доллары.

**БАКСА** 1. Сокмо дубал. 2. Сокмо дубалдын катмарлары. *Үч паксалуу коргон ичине дарбазадан кирип, төрт-беш кадам баскандан кийин тигилерди көрүп, Медет токтой калды* (Мавлянов).

**БАКТЕК** Көгүчкөн тобуна кирүүчү, токойдо жашоочу канаттуу. *Түз талаалуу токойлордо кыргоол, бактек, чил жана сайроочу канаттуулардын көп түрлөрү жашашат* («Ленинчил жаш»).

**БАКТЕРИОЛОГ** Бактериология боюнча адис.

**БАКТЕРИОЛОГИЯ** Бактерия жөнүндөгү илим.

**БАКТЕРИЦИДДЕР** Бактерия клеткасынын нормалдуу структурасын жана кызматын бузуп, өлүмгө алып келүүчү хим. заттар.

**БАКТЕРИЯ** Микроскоп менен көрүнө

турган бир клеткалуу организм, микроб. *Сууда бактериялар сыяктуу микроорганизмдер эң эле көп болот.*

**БАКТЕРИЯЛЫК бактерияга** таандык. *Бактериялык жер семирткич.*

**БАКТӨКӨЛ** Тобокел. *Бактөкөлгө салуу. Бактөкөл кылуу.*

**БАКТУУ I** Бак-дарактуу, тал-теректүү, бак-дарактары көп. *Үч-Дөбө кулпуруп бактуу, мөмөлүү* (Сыдыкбеков).

**БАКТУУ II** Бактылуу, таалайлуу, бакыттуу. *Байкадыңбы, жеңекем, Маңдайы бактуу эр экен* («Курманбек»).

**БАКТЫ** Бакыт, таалай. *Азамат эрдин бактына Акылы болсун аялы* (Тоголок Молдо). *Бактысына туш келип, Балам, жолуккан го бир малдан* (Токтогул).

**БАКТЫГА ЖАРАША** Ондой берди болуп, иши онунан чыгып. *Бактыга жараша ушуларга туш келип калганыбызды кара. Бактыга жараша, телефондун ичке зымы бир дагы жолу үзүлбөй, бардыгыбызды бириктирген чыныгы көпүрөгө айланды* («Жаш ленинчи»). *Бактыга жараша табигат мээримин төгүп турду* («Ленинчил жаш»).

**БАКТЫЛУУ** Багы ачылган, таалайлуу, багы бар. *Эмне болсо да, кызынын бактылуу болушуна тилектеш* (Байтемиров). *Балбылдап сары жылдыздай, Бактылуу болчу бала экен* (Бөкөнбаев).

**БАКТЫЛУУЛУК** Бактысы бардык, таалайлуулук. *Кандай бактылуулук деп, сиз тууралуу ойлодум* («Ала-Тоо»).

**БАКТЫР бак III** этишинин аркылуу мамилеси. *Малды жакшы көрөт деп, Колхозум жылкы бактырат* (Шүкүрбеков).

**БАКТЫСЫ АЧЫЛУУ** *к.* **багы ачылуу.**

**БАКТЫСЫЗ** Таалайсыз, багы жок. *Бактылууга бактысыз кайдан теңелет?* (Токтогул). *Бактысыз адамга аш да жок* (макал).

**БАКТЫСЫЗДЫК** Бактысы ачылбагандык, таалайы жоктук. *Бул сулуу айыбы ошол – болчу чолок, Алдынан бактысыздык кокус тороп* (Үмөталиев).

**БАКТЫСЫН КАЧЫРУУ** *к.* **бактысын тебүү.**

**БАКТЫСЫН ТЕБҮҮ** Өзүнө-өзү кедерги болуу, өзүнө келген бак-таалайды, жакшылыкты сезбей, баалай албай, жаңылыштык кетирүү. *Эмнесин айтасың. Акылы болсо ушуга барат беле? Жыргап турган жеринен бактысын тепти* («Ала-Тоо»). **В.: Таалайын тебүү.** *Төрөп эле берсең болду. Башкасынын кереги жок. Таалайыңды теппе, Шарапат, жаным* («Ленинчил жаш»). Бактысын качыруу. *Ал бактыны баштан качырды.*

**БАКТЫЯР** Ырыстуу, ырыс жолдош.

**БАКУБАТ** Күчтүү, кубаттуу, дени сак, күүлүү, демдүү. *Карып жетер замат Салиманы өзүнүн бакубат колу менен капшыра кучактап бооруна кысты* (Абдукаримов).

**БАКЧА I** Көз салынып, багууда болгон кичирээк бак-дарактуу жер, бак. *Бакчада анар үзүп жүргөн экен, Тең курбу эки кыздын ортосунда* (Үмөталиев). *Менин бакчам – гүл бакча, Бар жемиштин баары бар* (Буларкиева).

**БАКЧА II** Дарбыз-коон, бадыраң ж.б. жашылчалар айдалган жер. *Колхоздун бакчасы анча деле алыс эмес, болжол менен үч-төрт километр* (Таштемиров).

**БАКЧАЗАР** Жемиш дарактары орношкон жай. *Болсо боло бар дыйкан, Бакчазарын кармаган* (Кулумбаев).

**БАКЧАЙ** Багалчагынан келип, бекем, тың көрүнүштө болуу, тыгырчык тартып күүлүү-күчтүү абалда болуу. *Азыр да бар ушул элдин карысы, Сүйлөшүңүз али да тың бакчайып* (Токомбаев). *Турдукан күйөөнү көрөйүн деп үйгө келип шыкааласа, бакчайган абышка отурат* (Каралаев).

**БАКЧАЛУУ** Тигип өстүрүлгөн жемиш бактары бар, бакчасы бар. *А балдары шилекей чубуртуп, тигил бакчалуу короонун дубалдарынан баштарын кылтыйтып тургандары менен иштери жок* (Сыдыкбеков). *Басып өткөн жерине Бакчалуу мазар орногон* («Сейтек»).

**БАКЧАЧЫ** 1. **бакчы** менен бирдей. *Маңдайкы короодон Осмонкул байдың бакчачысы чыга келди* (Жантөшев). 2. Бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүчү, багуучу. *Алар бакчачыга барып коон-дарбыз алып келишти.*

**БАКЧАЧЫЛЫК I багбанчылык** менен бирдей. *Бакчачылык – сүйгөн кесиби.*

**БАКЧАЧЫЛЫК II** Бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүчүлүк, коон-дарбыз, пияз, ж. б. өсүмдүктөрдү айдоочулук. *Совхоздун бакчачылык иши быйыл абдан жакшы. Бакчачылыктан көп пайда алынды.*

**БАКЧЫ** Багбан, бак өстүрүүчү адам. *Атам – колхоздун бакчысы. Бакчачылыкта мөмө жемиши эбактан белгилүү* («Айыл чарба»).

**БАКЧЫЛЫК** Бак өстүрүүчүлүк.

**БАКШЫ ОЙНОГОНДОЙ БОЛУУ** Бакашака, опур-топур, ызы-чуу болгон абал. *Буларың соо эмес, бакшы ойногондой болуп үйдүн ичин үч көтөрдү* («Кыргызстан маданияты»).

**БАКШЫ** Ооруга чалдыктырган ар кандай жин-шайтандарды кууп чыга турган сыяктанып буурakандап дуба окуп, жаалданган аракеттер менен эмдеп-домдоочу дарымчы. *Жаман күн жакшы болот, уялбаган бакшы болот* (макал). *Бак-дарак көркү – гүлүндө, Бакшынын көркү – жининде* (Токтогул). *Бакшы болуп кыйкырып, Бакырсаң кетпейт карылык* (Токтогул).

**БАКШЫЛЫК** Бакшынын кесиби, бакшынын иши. *Бакшылык кылуу, Бакшы-*

*лыктан баш тартуу.*

**БАКЫБАТ** *туурасы:* **бакубат.** *Бакыбат жерге туш болду Нуркандын көөнү куш болду («Эл адабияты»).*

**БАКЫЙ** 1. Зор, чоң болуп көрүнүү. *Ал бакыйып келип отурду.* 2. Атоочтук формада: бакыйган залкайган, чоң келбетинен келген. *Бакыйган жигит Колхоздун бакыйган азаматтары дан боюнча планды аткарууда көп эмгектеништи.* 3. Көрүнүктүү, белгилүү. *Ал азаматтар да бакыйган бааларды кучактап чыкты* (Бейшеналиев).

**БАКЫЙТ бакый** этишинин аркылуу мамилеси. *Бакыйтып отургузуп коюу.*

**БАКЫЛ** Сараң, ичи тар, дүйнөкор кунарсыз. *Бакылдык кылып көп малга, Кара нээт Жакыбың* («Манас» С.К.). *Баладан малды жуук көргөн, Бакыл киши экенсиң* («Манас»).

**БАКЫЛА** Байкоо, баамдоо, көз салуу. *Баятан бери нарыраакта көрүнбөй бакылап турган Чоро мурчуюп басып келди* (Касымбеков).

**БАКЫЛДА** Бак-бак этип сүйлөө, үнүн катуу чыгаруу. *Сөз тыңшаган бири жок, Бардыгы чечен бакылдап* (Шүкүрбеков).

**БАКЫЛДАК** Бакылдап көп сүйлөгөн, сүйлөөк, же бак-бак үн чыгаруучу. *Тынбай сүйлөгөн бакылдактын бири.* ‖ Бак-бак эткен үн чыгарган, бак-бак эткен **дабыш.** *Бермет тараптан чыккан бакылдактан улам кебим бузулду,– деди Жакып* («Ала-Тоо»). *Жаңжалдашып, ушак сүйлөп, бакылдакты салышчу* (Токомбаев).

**БАКЫЛДАТ бакылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Бакылдатып сүйлөтүп коюу.*

**БАКЫЛДОО бакылда** этишинин кыймыл атоочу. *Тынымсыз бакылдоо. Көпкө бакылдоо.*

**БАКЫЛДЫК** Сарандык, катуу баштык.

**БАКЫЛОО бакыла** этишинин кыймыл атоочу. *Көңүл салып бакылоо. Көпкө бакылоо.*

**БАКЫЛООЧУ** Көзөмөлдөөчү, текшерип туруучу. *Анысы аз келгенсип бакылоочу, ченчи орус төрөлөрүндөй жайкысын жайлоодо* (Абакиров).

**БАКЫР I** Материалдык, же рухании жардамга муктаж адам. ‖ Кедей, жарды. ‖ Мусулман окумуштуулары, акындар, китептерди көчүрүп жазуучулар, ошондой эле аскеттер, суфизмдин өкүлдөрү жупунулугун, жөнөкөйлүгүн баса белгилеш үчүн өздөрүн бакыр (факир) аташкан. *Мискин менен бакырга* («Манас» С. К.). *Карып менен бакырга Калтырбай чачты ырысты* (Токтогул). *Жоордун жайын жакыр билет, жокчулуктун жайын бакыр билет* (Жантөшев). ‖ Бечара, байкуш, карып. *Ал Кулчоро баатырды, Жаралуу болгон бакырды Жабыла эми издеди* («Сейтек»). *Азып жүргөн элинен Алмамбет бакыр өзүмүн* («Манас»).

**БАКЫР II** 1. Жез. *Бакырдан жасалган идиш.* 2. Эки тыйындык жез монета. *Кызым үчүн калың деп, Албаймын тыйын бакырды* (Үсөнбаев). 3. *диал.* Каңылтыр темирден жасалган чака.

**БАКЫР III** Үнүнүн бардыгынча кыйкыруу, катуу үн чыгаруу. *Журт жыйылып келген соң, Каарданып бакырды, Калкына жар чакырды* («Эр Төштүк»). *Касымбек мени чакырды, Көрө калып бакырды* (Тоголок Молдо).

**БАКЫРАЙ** Көздү чоң ачып кароо, бадырая тиктөө, алаюу. *Тууганбайдын көзү бакырая түштү* («Ала-Тоо»). *Ал жигит Алымкулга бакырая карап калды* (Абдукаримов).

**БАКЫРАЙТ бакырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Динар көзүн бакырайтып чочуп кетти* (Сыдыкбеков).

**БАКЫРАКАЙ** Көзү бакырайган. *Эшим кара сакалы жайкалган, дайым күлүңдөп турган, бакыракай көздүү, далдайган чоң киши* (Байтемиров).

**БАКЫРАҢ** Бакырайган, бакыракай. *Кызыл тоголок, бакыраң көз келин бизди эпилдеп тосуп алды* (Бейшеналиев). *Бектай жаргак кабак, бакыраң көз бала* (Бейшеналиев).

**БАКЫРАҢДА** Көзүн бакырайтып чоң ачуу, бакырайып кароо, аландоо. *Чочулап карап, көздөрү бакыраңдады.*

**БАКЫРАҢДАТ бакыраңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Эмне кыларын билбей көздөрүн бакыраңдатты.*

**БАКЫРАҢДОО бакыраңда** этишинин кыймыл атоочу. *Көздөрү бакыраңдоодо.*

**БАКЫРАЮУ бакырай** этишинин кыймыл атоочу. *Күлө багып бакыраюу.*

**БАКЫРЛЫК** Кедейлик, жардылык, бечаралык, карыптык. *Бакырлыкта жашоо. Карааргандан түнөрүп, Сырттан баатыр Төштүктүн Бакырлык келди башына* («Эр Төштүк»).

**БАКЫРТ бакыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Бакыртып эчки мүүздап, Баатырга өпкө чабалык* («Эр Табылды»).

**БАКЫРУУ бакыр** этишинин кыймыл атоочу. *Курулай бакыруу. Үнүнүн бардыгынча бакыруу.*

**БАКЫРЧААК** Көп бакырган, бакыра берген. *Бакырчаак төөнүн бары ийги* (макал).‖ Ыгы жок, жөнсүз эле жар салып кыйкырык чыкканды жакшы көрүүчү. *Бакырчаак киши. Бакырчаактын бири.*

**БАКЫРЧЫ** Темирден, жезден ж.б. ар түрдүү идиштерди жасоочу уста.

**БАКЫРЧЫЛЫК I** 1. Жардылык, кембагалдык, кедейлик, жокчулук. *Бай-манаптын айынан бакырчылык башка түштү.* 2. Тиричилик, күндөлүк оокаттын аракети. *Ал бүгүн бакырчылык иш менен таң азандан шаарга кеткен* (Сыдыкбеков).

**БАКЫРЧЫЛЫК II** Жезден, темирден ар түрдүү нерселер жасоочу устанын кесиби.

**БАКЫРЫК** Айкырык, кыйкырык. *Таластын куйган боюнда, Жаңырык менен бакырык* («Сейтек»), *Бакырыгы, тоо жарып, Эр Сыргак деп чакырып* («Манас»).

**БАКЫТ ЖЫЛООЛОСУН** Дөөлөтүң артсын, жакшылыкка жет, ырыстуу-таалайлуу бол деген мааниде. *Ылайым бакыт жылоолосун, учуң узарсын* (Бейшеналиев).

**БАКЫТ** Ой, тилектин ойдогудай орундалышы, жыргалчылык, ырыс-таалай. *Космоско саякат жасаган биринчи советтик адам Юрий Гагариндин бир туугандары жашап турган кичинекей үйгө бүгүн аябай зор бакыт келди* («Советтик Кыргызстан»). *Тарас акыры сүйүүнүн бакытына бөлөндү* (Сасыкбаев). *«Өмүрүмдө мындай бакыт болбогон», Сүйлөгөнсүз толкунданып сезимде* (Акматалиев).

**БАКЫТСЫЗДЫК** Кайгы-капага, кырсыкка туш келгендик, бактысы жоктук, таалайсыздык. *Бул сулуу, айыбы ошол – болчу чолок, Алдынан бакытсыздык кокус тороп* (Үмөталиев).

**БАКЫТТУУ бактылуу** менен бирдей.

**БАКЫТТУУЛУК бактылуулук** менен бирдей.

**БАКЫЮУ бакый** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛ I** 1. Ширелүү гүлдүү өсүмдүктөрдөн аарылар аркылуу иштелип чыгылган саргыч түстөгү илээшкек, коюу, таттуу зат. *Чээнде жаткан аары, чыгып гүл соруп, Челкилдеген челек-челек балдары* (Калык). *Бал кошкон май, курут менен эт берип Кубанталы окуудагы баланы* (Осмонов). 2. *өт.* Ширелүү, таттуу, даамдуу. *Жайлоодогу биз ичкен, Байтал бээнин бал кымыз* (Осмонов). *Калтабайдын кымызы, кымыз эмес, тим эле бал* (Токомбаев). 3. *өт.* Уккулуктуу, жагымдуу, сүйкүмдүү. *Чулдурап, жөмөп сүйлөп, бирдемелеп, Ичимди элжиреткен тилиң бир бал* (Мидин). *Бал тилимди салайын, Баарыңарды урдурбай, Аман алып калайын* («Эр Табылды») *Демек, алар бал уйкунун кучагында* (Бейшеналиев).

**БАЛ II** Шалы эгүүдө, жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүүдө суу токтотууга, жаюуга ылайыктап тегерете кырдалган жал, чарчы-чарчы тилкелер. *Мен ар бир өсүмдүккө карай бал отургузуп, бардыгын тең балга бөлөп тиккем* (Таштемиров).

**БАЛ III** Төлгө, пал. *Оң жагына карасам. Бал китеби жайылган* (Жантөшев). *Кана, сынчым, балыңды ач!* («Эр Табылды»). *Бал ачып, кайыр сурап цыган аял, Кыдырып үйдөн-үйгө жөнөгөн кез* (Үмөталиев).

**БАЛ IV** Чоң оюн-шоок, бий кечеси. *Жаңы жылдык бал. Балга баруу.*

**БАЛ ААРЫ** Бал бере турган аары.

**БАЛ-БАЛ** Балбылдап, нур чачырап тургандагыдай көрүнүштү, элести билдирүүдө колдонулат. *Бал-бал этип жайнаса, Адамдын көркү көзүндө* (Жантөшев). *Неге көзүң бал-бал жанат нурланып, Неге кээде бузуласың сурданып* (Нуркамал). *Чолпонуң, жылдыздарың бал-бал жанып, Төбөңдөн айың тийип сүттөй жарык* (Нуркамал).

**БАЛ КАЙМАК** Чөбөгөсү бөлүнбөй, чала сызгырылган каймак. *Жолум үйдө эне жалгыз, Бал каймагын сызгырды* (Токомбаев).

**БАЛ-МАСКАРАД** Бий оюн-зоок кечеси. Катышуучулар ар кандай маскарад костюмун кийишет.

**БАЛ ТИЛ** Адамды өзүнө тарта, кызыктыра жылмалап айтылган, ынандырып көйүткөн өтө чебер, жылма, сылык сөз. *Ырас, бай-манаптардын бал тилине алданып, ошолордун союлун чабышып жүргөн кедейлер да жок эмес* (Жантөшев). *Чоңмурун аны колтукка басып, бал тилин салып, Фрунзеге алып кетүү жөнүндө сөз козгоду* (Баялинов). *Карабек кызылдардын чоңун бал тилге салып жанына аралжы тапчудай Каныбектин маңдайына барып тура калды* (Жантөшев).

**БАЛ ЧЕЛЕК** *а.ч.* Бакма аары багылуучу атайын жай.

**БАЛА** Наристе, жаш бөбөк, жалпы эле уул, кыз (ата-энесине карата). *Эне төрөйт баланы, Жарайт деп түрдүү намыска* (Жантөшев). *Бала оюнга тойбойт* (макал). *Эмчектеги жаш бала Алар замат ыйлады* (Тоголок Молдо). *Кыз да болсо бала да, Кыйналат ата балага* (Токтогул). ‖ Али жаш, чоң адамдардын катарына кошула элек, кыйынчылыктарды көрө элек, тажрыйбасыз. *Сен азыр баласың, кээде чоң кишилердин оюна түшпөгөн иштерге убара болосуң* (Сыдыкбеков). *Ой, кокуй ой, баланын сөзүн сүйлөйсүң да* («Ала-Тоо). ‖ Чоңоё элек, жаш, кичине. *Көчө жээктей тигилген бала теректер сыйда тартып, мектептин чатырчасы күнгө чагылышат* (Сыдыкбеков). *Бала каздай басканы да жайма-жай* (Токомбаев). 2. Жалпы эле улуулардын өзүнөн кичүүлөргө карата кайрылуусунда колдонулат. *Кой, сен да убара болбо, балам* (Сыдыкбеков). *Искендер балам, эмнеге кекеткидейсиң* (Турусбеков). *Тааныбадым, кай баламсың, кулунум? Айтып бердим, эстегиниң бардыгын* (Токомбаев). 3. Айбанаттардын жаш төлүнө, канаттуулардын балапандарына карата колдонулуучу жалпы ат. *Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт* (макал). 4. Жүгөрүнүн жаңыдан алган, толук бышып жетиле элек сотосу. *Ар бир түбү экиден-үчтөн бала кучактап, кыйгас думбул кези экен* (Касымбеков). //Жүгөрүнүн негизги сабагына жанаша түбүнөн кошо чыккан майда, мажес сабакчалары. *Жүгөрүнүн балдарын жулуп, кечинде үй келгенде*

*берүүгө даярдап койду.*

**БАЛА БАКЧА** *же* **БАЛДАР БАКЧАСЫ** Мектеп жашына чейинки балдарга тарбия берүүчү жана мектепке даярдоочу мекеме.

**БАЛА-БАКЫРА** Бир үй-бүлөнүн балдары, кыздары, уй-бүлө башчысынан башкалары, бала-чака, өңчөй жаш балдар. *Жапарды көргөндө бала-бакыра дебей аны менен бирге ээрчип келишти* (Баялинов).

**БАЛА-БАКЫРАЛУУ** Балдары көп, бала-чакалуу. *Бала-бакыралуу болуу. Бала-бакыралуу үй.*

**БАЛА БАСТЫ БОЛУУ** Удаа-удаа жүйүр төрөй берип, бала-бакырадан чыга албай калуу, көпчүлүккө аралаша албай калуу. *Жеңем жашынан эле бала басты болуп, отуруп калды* («Кыргызстан аялдары»). *Чукүй бала басты болуп чүнчүгөн да жок* (Өмүрбаев).

**БАЛА БОЛУП БАШЫНА ЖҮН ЧЫККАНЫ** Туулганы, төрөлгөнү, жарык дүйнөгө келгени, жаралганы, өмүрүндө. *Бала болуп башыма жүн чыкканы мындай кепти уккан эмесмин* (Токобаев). **В.: Башына жүн чыкканы.** *Башына жүн чыкканы бакырганы ушул болуу керек, Орозкулга туталана ачууланды* (Айтматов).

**БАЛА БОЛУУ** Өз ата-энеси болбосо да, башка бирөөлөргө өз баласы катарында туруп калуу, өз тукумдары катарында алынып кетүү *Аралаш конуп бир жүрүп, Бала болуп калды эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАЛА-БОТО** Бала, балдар.

**БАЛА ЖАНДУУ баласаак** *менен бирдей. Жаш туруп бала жандуусун кантесиң* («Кыргызстан аялдары»).

**БАЛА МҮНӨЗ** Бир нерсеге бат ишенгич, буруу-терүүгө көп түшүнбөгөн момундук жайы бар, жумшак. *Жеңем мен бир нерсе айтсам жок дебеген, менин оюмдан чыкпаган бала мүнөз жан эле* («Ала-Тоо»).

**БАЛА ООЗАНТУУ** Жарык дүйнөгө ыңаалап келген перзенттин оозуна биринчи ырымдап, энелер карын бузуп, сары май салуу, таткантуу.

**БАЛА ПЕРИШТЕ БОЛОТ** Баланын айтканы келет, бала мурун сезет, баланын оозунда жакшы тилек болот деген маанилерде колдонулат. – *Бала периште болот дейт. Тилегиңерден тегеренейин.*

**БАЛА САЛУУ** Туур маалына жетпей, төлү эртерээк өлүү түшүү. *Мал арык болсо, бала салып, төлү чыгымдуу болушу мүмкүн* («Ленинчил жаш»). **В.: Бала таштоо.** *Былтыр бала таштап койгон.*

**БАЛА-ЧАКА** Үй-бүлөдөгү балдар, бала-бакыра. *Бала-чакаң жаш калды, Баркыңды санап куурадым* (Тоголок Молдо). *Бала-чака коркпосун, Бакырыкты ташта дейт* («Семетей»).

**БАЛА-ЧАКАЛУУ** Балдары көп, жаш балдарлуу. *Тоймат бала-чакалуу орто чарба адам* (Каимов). *Үй-жай куруп, бала-чакалуу болушуп өмүр сүрүшөт* (Жантөшев).

**БАЛАА** 1. Кырсык, шор, бакытсыздык, балакет. *Байкуш Бакы каяша айтам деп балаага калды* (Байтемиров). *Керимбай балаа болду го Букарага жармашкан* (Токтогул). *Билбеген миң балаага тутулат* (макал). 2. *өт.* Кыйын, өткүр. *Ал балаа, билбегени жок.*

**БАЛААГЕРДЕН** 1. Балаадан куткаруучу, балаадан сактоочуу. 2. *дин.* Балаадан кутулуу үчүн мал союу, садага берүү.

**БАЛААЛУУ** Балаасы бар, кырсыктуу, балакеттүү. *Былчылдашып урушуп, Балаалуу шумду жоготуп, Каргышты катуу салалы* («Сейтек»). *Өзүмдүн атым Сатылган, Балаалуу карызга чатылган* (Тоголок Молдо).

**БАЛААСЫЗ** Балаасы жок, кырсыксыз иш. *Балаасыз эле бүттү.*

**БАЛАГА КАРОО** Баласын өтө жакшы көргөн, бала жандуу, баласаак.

**БАЛАГАН** 1. Көчмө театр. Орто кылымдарда балаган көчүп жүргөн артисттердин сахнасы катары пайдаланылган. 2. Көңүл көтөрө турган оюн-зоок, комедиянын бир түрү. Көбүнчө циркте маскарапоздор ойнойт, мюзик-холлдо, кинодо да пайдаланылат. 3. Убактылуу жашоого ылайыкталып жасалган чөп алачык. *Бул жакшы акыл. Балаганды жасап алабыз да, иштей беребиз* (Байтемиров).

**БАЛАГАТ** Баралына келгендик, бойго жеткендик. *Клава ошондой кыйын шарттарда өзүнүн жарынан калган жалгызын бапестеп өстүрүп, балагатка жеткирди* («Ала-Тоо»).

**БАЛАК** *тар.* Адамды уруп жазалоодо колдонулуучу тасма кайыш камчы, тилке калакча таяк сыяктуу курал. *Молдо колун көтөрүп, балагы менен бир-эки деп санап, мени урганын гана билем* (Баялинов). *Менин жонумдан балак алдырып, өзүмдү кордоп кууп чыкты* (Бектенов). *Балага урду балакты* («Манас» С.О.).

**БАЛАК-БАЛАК** 1. Балкайып толуп, же салаңдап турган нерсенин көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат. *Уйлардын желиндери сүт толуп чыңалгандыктан балак-балак этет.* 2. Кийим-кечектин этек-жеңи, багалек кенен келип, балактаган көрүнүшүн, балпактап иштеген кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Салкынга эргий түшкөн кетменчи жигиттер ан сайын балак-балак күүлөнүшөт* (Сыдыкбеков).

**БАЛАКА** Мөмө байлай элек, жаш жаңгак жыгачы. *Кыя менен жүгүрүп, тетиги балака жаңгакка жетип, Тургунай энтиге кыткылыктап туруп калчу* (Абдыраманов).

**БАЛАКАЙ** Балдарга карата эркелете айтууда колдонулат. *Кечээ гана көчөдө топ*

*кубалап жүргөн балакай, бир эле күнү күйөрмандардын сүймөнчүлүгүнө жетип, жарданган көпчүлүктүн оозуна илинет* (Айтматов).

**БАЛАКАНА** Бир этаждуу үйлөрдүн үстүнө эс алып жатууга ылайыкталып, экинчи этаж сыяктанып курулган чатырча, бөлмө, веранда, атайын жай. *Нүзүп балакананын эскирип калган жыгач тепкичтерин жай кычыратып басып жерге түштү* (Касымбеков).

**БАЛАКАНАЛУУ** Балаканасы бар. *Балаканалуу үй.*

**БАЛАКАТ** *туурасы:* **балагат.**

**БАЛАКЕТ** 1. Балаа, кырсык. *Кайраттуу эрдин барында, Балакет кайда дээр элек* («Сейтек»). *Чын балакет баштаптыр, Чымын жандан бечара, өлдүм деп кечип таштаптыр* («Сейтек»). 2. *өт.* Айлакер, амалдуу, кыйын. *Ой сараң кыз балакет, Тамакка кылдың аракет* (Тоголок Молдо). *Ал балакет болуп кетсе да колунан эмне келет* (Байтемиров).

**БАЛАКЕТ БАСКЫР!** Кырсык чалгыр, жакшылык көрбөгүр, жаманчылыкка дуушар болгур деген сыяктуу наалат айтуу, каргоо, урушуу маанисинде колдонулат. – *О, балакет баскыр десе! Алкы бузулган мánаптар, сапаң бербесе деле торпокту алат эле да! – деп Сурма терең үшкүрдү* (Жантөшев). *«Мындайга көз да тийбейт, балакет баскыр», – деп ойлоду Кылычбек* (Жакыпбеков).

**БАЛАКЕТ БАСУУ** Кырсык чалуу, кырсыктоо. *И... унчукпай калды... бизди балакет басып, шерменде болгон экенбиз деп ойлоду* (Жантөшев).

**БАЛАКЕТИМДИ АЛ** Мага асылба, тийишпе, мага келүүчү кырсык, кыйынчылык сага келсин, менден айлан деген маанидеги наалат айтуу, каргоо. *Менин балакетимди албай жөн жүр. Көрсө, менин балакетимди алып жүргөн ошол экен да* («Чалкан»).

**БАЛАКЕТИНДИ АЛАЙЫН** Бирөөгө (көбүнчө балага же өзүнөн кичүүлөргө карата) жакшы көргөндүгүн билдирип, жалынып-жалбаруу иретинде колдонулат. *Балакетиңди алайын, өзүңдү жакшы алып, жылуу кийинип жүр* («Ала-Тоо»). *Балакетиң- ди алайын жылдызым, уктап жатса да кабагы жарык* (Сыдыкбеков). *Балакетиңди алайын, туура кылыпсың ошону* (Жусупов).

**БАЛАКЕТКЕ КАЛУУ** Кандайдыр бир коогалуу, доолуу жаман ишке кабылуу, кырсыктуу ишке дуушар болуу. – *Сак бол, жолдош Белек. Бир балакетке калба. Ар бир ишти өзүң байкап турбасаң, кай бир кишилер сыртынан сатып жибериши да ыктымал* (Жантөшев).

**БАЛАКЕТСИЗ** Кырсыксыз, балакети жок. *Эч балакетсиз өтүп кетсе экен.*

**БАЛАКЕТТЕЙ** Абдан укмуш, кыйын. *Ал андайларды балакеттей билет, жөн эле ошентип жатса керек. Ал эсеп-кысапты балакеттей билет, алдыра койбос* («Чалкан»). *Ой, аның балакеттей өжөр неме экен* («Кыргызстан маданияты»). *Балакеттей тың келин.*

**БАЛАКЕТТҮҮ** Балакети бар, кырсыктуу, коогаландуу. *Балакеттүү шумдук сөз Салып түштү Опшурбай* («Манас»).

**БАЛАКТА** 1. Балак-балак этүү, балак-балак эткен көрүнүштө болуу. *Желиндери балактап кечинде уйлар келди. Басса, шымынын багалеги балактайт.* 2. Балпалактоо, балпаландаган кыймыл-аракетте болуу, көл-шал түшүү. *Семиз кодоо столдош, Мойнун сүрттү балактап* (Токомбаев).

**БАЛАКТА** *диал.* Ээ-жаа бербей ыйлоо, шолоктоп ыйлоо. *Балактап ыйлап айлабызды кетирди* (Осмоналиев). // Сүйүнгөндөн ыйлап жиберүү. *Балактап ыйлап жиберди.*

**БАЛАКТАТ балакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Багалектерин балактатып жигиттер жүрөт.*

**БАЛАКТОО балакта** этишинин кыймыл атоочу. *Семиз неме көл-шал түшүп балактоодо.*

**БАЛАКЧЫ** Балак менен уруучу, балак алуучу, балак менен жазалоочу. *Балакчы балак урууга даярданды.*

**БАЛАЛА I** Бала тууп, төлдөө (айбандарга карата). *Коёндор жылына эки-үч жолу балалайт.* 2. Көбөйүү, бөлүнүп-бөлүнүп жанына дагы кошулуп чыгуу. *Жаралары ырбап, балалап, жайылып кетти.* ‖ Арбуу, күчөө, көбөйүү. *Ташып жатат ичимде, Ырдын кени балалап* (Тоголок Молдо).

**БАЛАЛАЙКА** Орус элинин үч кылдуу музыкалык инструменти. *Уруксат кылсаң болбойбу, Балалайка чалышка* (Токтогул).

**БАЛАЛАТ балала** этишинин аркылуу мамилеси. *Жарасын балалатып жиберүү.*

**БАЛАЛУУ** Баласы бар, баласы көп. *Бир балалуу. Беш балалуу. Балалуу марал. Агаыйндын кадырын жалаалуу болсоң билерсиң, ата-эненин кадырын балалуу болсоң билерсиң* (макал). *Экөө таттуулук менен өмүр сүрүп, балалуу да болот* (Жантөшев).

**БАЛАЛЫГЫҢ БАШЫНДАН ЧОҢ** Түшүнбөстүгүң, билбестигиң көп, кагылаэлектигиң көрүнүп турат деген сыяктуу анча-мынча жеме оодаруу маанисинде. *Бизге кеңешпей туруп ушундай иш кыласыңбы? Балалыгың башыңдан чоң. Эми ойлонушалы, эптеп айласын табуу керек* («Ленинчил жаш»).

**БАЛАЛЫК** 1. Бала кез, бала чак. *Балалык чак бүлбүлдөп артта калууда* (Сыдыкбеков). *Кайран жашты жоктодум, Канаттуу куштай балалык, Кайрылып келбейт окшодуң* (Токтогул). 2. *өт.* Бала мүнөздүүлүк, баланын ишин кылгандык, кагылбагандык. *Баласың да, балалыгың менен*

*адамга баа бериши билбейсиң* (Сыдыкбеков). *Балалыгың болбосо, Бар эле сенин үнөмүң* (Токтогул). *Бекер кылыпсың, балам: Балалык кылыпсың. «Жолоочуну ээрчип ит өлөт», – дейт* (Бейшеналиев).

**БАЛАМАТ** Жамандык, кырсык.

**БАЛАН** Кимдир бирөөнү, кандайдыр бир нерсени, белгисиз тарапты эскерүүдө кандайдыр бир айтылган сөзгө шилтөө берүүдө колдонулат. *Баландын аты күлүк деп, Бастандын аты күчтүү деп* («Манас»). *Калың аргын, көп кыргыз, Бөтөнчө эл Канчоро, Качан балан дегиздим?* («Сейтек»). *Балан жерде чакырыптыр десе, түндү түн, күндү күн дебестен, уруп кете беришет* (Жантөшев).

**БАЛАН-БАСТАН** Аркы-берки, өйдө-ылдый сөздөр, дейт-дейт имиштер, жок шылтоо. *Балан-бастан деген сөздөрдү айтуу. Балан-бастан дедирбей, Башка сөздү айттырбай, Басып келип бер деди* (Тоголок Молдо). **В.: Балан-бустан.** *Кеңчилик келди Кеңештен, Келбеттүү боюң теңешсең, Кел, кетелик, Аткантаң Балан-бустан дебестен* (Тоголок Молдо).

**БАЛАН-ТӨЛӨН Балан-түкүн** менен бирдей.

**БАЛАН-ТҮКҮН балан-бастан** менен бирдей. *Балан-түкүн сөздөр.*

**БАЛАНС** Өз ара байланыштуу кубулуштардын өзгөрүлмөлүү өлчөмдөрүнүн салыштырмалуу тең салмактуулугун сактоо.

**БАЛАНСОМЕР** *геол.* Жердин үстүнкү катмарынын радиациялык салыштырмалуу тең салмагын өлчөөчү курал.

**БАЛАНСТА** 1. Тең, салмагын сактоо, теңдөө. *Акчанын кириш менен чыгышын баланстоо, салыштыруу.*

**БАЛАНСТОО баланста** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛАНТ** Жогору, бийик, өөдө. *Жөн Орозкул эмес, корук токойдун кудурети чоң кожоюну деген атка конуп, мартабасы балант көтөрүлөт* (Айтматов). *Жетим кайдан чоңойсун, Жастыгын балант койбосоң* («Эл адабияты»).

**БАЛАНЧА** Кандайдыр бир белгисиз бирөөнү, тарапты, жерди, нерсени, конкреттүү болбогон санды, өлчөмдү, убакытты, жалпы айтылган сөздү билдирүүдө колдонулат. *Молдокең кызыма баланча кара, бустанча пул бересиң дейт го* (Абдукаримов). *Баланча жоону өлтүрүп, Башын кесип койдум дейт* («Манас»). *Геологдор болсо, баланча жерде көмүр бар деп гана белги урушат* (Сасыкбаев). *Баланча оору деп эч ким айта албайт* (Жантөшев).

**БАЛАНЫН СӨЗҮ** Болбогон, орундалбай турган, ордунан чыкпай турган, анча ишенимдүү болбогон. *Ой, кокуй оой, баланын сөзүн сүйлөйсүң да* («Ала-Тоо»). – А *сен, үч жылдык түшүмүн да ала келесиңби?! Таза баланын сөзү, – деди Өтөгөн өз сөзүндө көшөрүп* (Абакиров). – *Э, баланын сөзүн сүйлөйсүң да* (Мырзаев).

**БАЛАНЫН ҮЙҮ, БАПАНЫН АЛАЧЫГЫ** Тартипсиздик, ээнбаштык кылуучу жай. *Бул баланын үйү бапанын алачыгы эмес, уяттуу кишинин үйү, тарагыла, – деп байкем бизди куйй баштады* («Ала-Тоо»).

**БАЛАПАН** 1. Канаттуулардын жөжөсү, баласы. *Кара чыйырчыктын балапандары жылуу уяда чоңоюшчу* (Сасыкбаев). *Ак сары менен бөктөргү Аңдыганы балапан* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Жаш өспүрүм, бөбөк, али жаш, жаш бала, баралына жете элек. *Назгүл балапан кезин дал ушул Фрунзе шаарында өткөргөн* (Бейшеналиев). *Мен бир чыккан эмгекчиден балапан* (Токомбаев).

**БАЛАПАН ЖҮНҮ БАТА ЭЛЕК** Чоңоё элек, өсүп жетиле элек, турмуштун ачуу-таттуусун башынан өткөрө элек, өтө жаш. *Байымбет балапан жүнү бата электе, жаштайынан жетимдиктин үстөкө-босток соккусунан жилкини түгөнүп, маанайы пас жүргөн...* (Бейшеналиев). **В.: Балапан түгү түшө элек.** *Сурма бетинен балапан түгү түшө элек, ак жуумал, уяң көз, бир мүнөздүү он беш жашар кыз* (Бейшеналиев). *Чырымтал жүнү түшө элек, Оозунан сүтү кете элек* (фольк.).

**БАЛАПАНДА** Балапан чыгуу, балапан чыгаруу. *Эрте басылган жумурткалар балапандай баштады. Тооктор балапандап бүтүштү.*

**БАЛАПАНДОО балапанда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛАСААК** Өтө эле бала жандуу, баланы жакшы көргөн. *Баласаак кайын энеси бырыңдап ыйлап, санаасын бөлөт* (Сасыкбаев). *Капырай, баласаак белемсиң* (Сасыкбаев).

**БАЛАСААКТЫК** Баланы жакшы көргөндүк, балага өтө жакындык, бала жандуулук. *Анын баласаактыгын бардыгы билишчү.*

**БАЛАСЫЗ** Баласы жок. *Бала деген эң кыйын, Баласыздын күнү жок* (Тоголок Молдо). *Баласыз өтүп бир далай жылдар Бир көргөн кызы жароокер Дилвар* (Абдырамaнов).

**БАЛАСЫЗДЫК** Балалуу болбогондук, баласы жоктук. *Баласыздык көп санаага батырды.*

**БАЛАСЫН** Балага окшоо, баладай болуу, өзүн бала катарында эсептеп аракет кылуу. *Баласынып, мындай чоңураак ишке катылгысы келген жок.*

**БАЛАСЫНТ** Бала деп саноо, жашсынтуу, балага жасагандай мамиле жасоо. *Динарды баласынтып кебине анча көңүл бөлбөй келаткан койчу азыр анын айткандарына ичтен ыраазы болду* (Сыдыкбеков).

**БАЛАСЫНТУУ баласынт** этишинин ар-

кылуу мамилеси. *Эч ыгы жок баласынтуу жаш өспүрүмдү кайра намыстантат.*

**БАЛАСЫРА** Балалуу болууну самоо. *Ал качан балалуу боломун деп ойлонуп, баласырап жүрдү..*

**БАЛАСЫРОО баласыра** этишинин кыймыл атоочу

**БАЛАТАЙ** *диал.* Кичине жаш бала.

**БАЛАТЫ** Жаш карагай. *Мээрим үндөр карагайдын арасы, Туркүн жыгач балатылар карачы!* (Токомбаев).

**БАЛБААЛА** Балбалактаган, балбырап-балбактаган, дал-далынан кетип самсаалаган көрүнүштө болуу.

**БАЛБААЛАТ балбаала** этишинин аркылуу мамилеси. *Илээнди неме, жеңдерин балбаалатып жүрө берет.*

**БАЛБААЛОО балбаала** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛБАКТА** Кенен, чоң болуу (кийим жөнүндө). *Кийимдери балбактап баскан сайын кенен экендиги көрунуп турат.*

**БАЛБАЛ** Байыркы жана орто кылымдарда түрк элдеринде, ошондой кыргыздарда маркумдарга коюлуучу таштан жасалган эстелик.

**БАЛБАЛАКТА** 1. Көлбүгөн, балбактаган кийим кийип жүрүү, балбактаган көрүнүштө болуу. 2. Балпаң-булпаң этип, калдаландап жүрүү, жыйнак, тыкан жүрбөө. *Балбалактабай тыкан жүрсөңчү. Дале токтолоюн деген ою жок, балбалактап жүрөт.*

**БАЛБАН** 1. Күрөшкө, оодарышка, мелдешке ж.б. түшүп, күч сынашкан күчтүү адам. *Келип күрөш салууга, Балбандарын камдасын* («Манас»). *Кыйкырык сүрөөн укканда, Көтөрүп уруп, жамдаса, Балбанын көрку билекте* (Жантөшев). ‖ Күч сынашуу, күрөш. *Балбанга түшүп, байге да, намыс да алдым* (Токомбаев). 2. Карылуу, күчтүү, чыдамкай. *Балбан болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн* (макал). *Муштумдай көөдөндөгү балбан жүрөк Тулкуга азык чачып өкүм сүрөт* (Токомбаев). *Жорго балбан жылкыдан чыгат* (Бейшеналиев). 3. Баатыр, мыкты, кужүрмөн, кажыбас. *Өстүрөм деп чарбаны Мал багуунун балбаны, Бири-бири менен жарышкан* (Барпы). *Куттуктайм эмгек балбанын* (Баялинов). *Жадабай ишке берилген, Жаш кунүңдөн балбансың* (Токтогул).

**БАЛБАН КӨТӨР** Жөө күрөштө балбанды, намыс алган тараптан адамдар жүгүрүп келишип, балбанды жыгылган адамдын үстүнөн «балбан көтөр!» деп кыйкырышып көтөрүп кетүүсү. *Ал аңгыча болбой, ар ким туш-туштан чуу көтөрүп, жыккан балбанды «балбан көтөр» кылып алып кетишти* (Сыдыкбеков).

**БАЛБАНДЫК** Балбанга таандык сапаттар, күчтүүлүк. *Мергенчи койчу кыргыздын балбандыгына таң калды* (Сасыкбаев). *Жаан кескен сен Төштук, Балбандыгың чын экен* («Эр Төштүк»).

**БАЛБАНСЫН** өзүн балбанмын деп ойлоо, балбандыгын көрсөткүсү келүү, өзүн балбан катарында көрсөтүүгө аракет кылуу. *Балбансынып кармашуу. Балбансынып мактануу. Кыйладан өзүң балбансып, Кермеге атты салгансып* («Эр Табылды»).

**БАЛБАНСЫНУУ** балбансын этишинин кыймыл атоочу. *Курулай балбансынуу менен эч кимди жыга албайсың.*

**БАЛБАНДА** Оор салмак менен кыймылдоо. *Балбандары балбаңдап, баары турду далбаңдап (фольк.).*

**БАЛБЕС** Макоо, келесоо.

**БАЛБЫЛ** Жалындап алоолонуп күйгөн оттун же башка бир нерсенин балбылдап нур чачыратып турган сыяктуу көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат. *Балбыл жанган оттор. // Жылдыздар жымыңдаса, электр манарлары балбыл жанып, чар тарапка нурун чачат* (Таштемиров). *Жандырып карбиттерин балбыл-балбыл Катардап ал шахтыга кирип жаткан* (Бөкөнбаев).

**БАЛБЫЛДА** 1. Алоолонуп, же жарык берип, нур чачыратып турган көрүнүштө болуу. *Кызыл чок балбылдайт* (Абдукаримов). *Маяк балбылдап жанып турат* («Жаш ленинчи»). *Электр фонарлары. балбылдап жанып, чар тарапка нурун чачат* (Таштемиров). 2. *өт.* Бал-бал эткен, нурданган, жоодураган көрүнүштө болуу. *Светанын божурай- ган кой көздөрү жооп куткөндөй балбылдап турду.* («Жаш ленинчи»). *Салима балбылдаган кара көздөрүн ирмебей, Тойчубекти тигиле карады* (Абдукаримов).

**БАЛБЫЛДАК** Жарык, жаркыраган. *Балбылдак жылдыз.*

**БАЛБЫЛДАТ балбылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Шарапат кулумсүрөп, жерди тиктеп, Көздөрүн балбылдатып тез-тез ирмеп* (Абдыраманов).

**БАЛБЫЛДОО балбылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛБЫРА** 1. Чың эмес, бош, шалкайыңкы же балкыган, шайманы кеткен алсыраңкы абалда, көрүнүштө болуу. *Боюм балкып, балбырады бар денем* (Элебаев). *Бала элтең этип чочугансып, кайра бат эле балбырап таттуу уйкусуна кетти* (Сыдыкбеков). 2. Кен, көлөктөгөн же көлтөйгөн кенен, шөлбүрөңкү көрүнүштө болуу. *Кылымкан балбыраган көк сатин көйнөгүнүн жеңин туруп, көз жашын сүрттү* (Бейшеналиев). *Камка көйнөгүнүн балбыраган жеңи менен жаштын шору кызартып таштаган көздөрүн сүрттү* (Сыдыкбеков).

**БАЛБЫРАТ балбыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Багалегин балбыратып тиккен шым.*

**БАЛГАМ** Түкүрүк, какырык. – *Бир балгам сүт араң чыгып, байып калды. Торпогун кошуп эле жиберсе болот эми* (Касымбеков).

**БАЛГЕР** Бал китеп ачуу жөндөмү бар адам (*к.* **бал – бал ачуу**), төлгөчү, көзү ачык, далычы ж.б. *Балгердин балын каратты* («Манас» С.О.). *Балгерлери бал ачып, Көзү ачыктар сөз айтып* (Эл ырлары).

**БАЛГЫН I** Суу боюнда, кумдак жерлерде ичке, майда тал сыяктуу болуп өсүүчү бадал өсүмдүк. *Көлдүн айланасында өскөн камыш, балгын, жекендер көлдүн көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшев). *Дарыянын жээгине балгын, жекендер көп чыгат.*

**БАЛГЫН II** *диал.* Апакай, болук.

**БАЛГЫНДУУ** Балгыны көп, балгыны бар, балгын аралаш өскөн. *Балгындуу жекендер менен камыштардын арасын карагылачы,– деди Түлкүбек* (Жантөшев).

**БАЛДА** Кырсык. *Манасыман айрылып, башыма балда жеткени* (фольк.).

**БАЛДАЙКЕ** *диал.* Жүгөн.

**БАЛДАК I** 1. Чолок же буту оорулуу адам колтугун такап сүйөнүп басууга ылайыкталып жасалган таяк. *Балдак таянышкан жарадар эки солдатты жолдоштору скамейкага отургузушту* (Баялинов). *Бир колтугунда балдак, экинчи колтугунда таяк* (Убукеев). 2. Бүркүт кондурулган колдун алдынан тиреп, сүйөп алуучу таянчык. *Оролмо тонун бүркүттөй Балдагы жок кондурган* («Манас»). 3. Кылычтын же канжардын сабы. *Ойболот менен согушпай, балдагынан бөлүшпөй жылкыны кантип берейин?*

**БАЛДАК II: балдак уруу**. 1. Колдорун суудан чыгара кулач таштап кенен шилтебей, алдын карай челе таштап чабак уруу, кулач уруу. Сууда сүзүүнүн бир ыкмасы. *Балдар балдак уруп жүрүшөт. Ит балдак. Көз ачып жумганча балдак уруп аркы өйүзгө чыгышты* («Жаш ленинчи»). 2. Алдыңкы буттарын кере-кере чапчый таштап катуу таскактоо, жүгүрүү (көбүнчө жылкыга карата). *Учкаша минген бууданы, Ит балдак уруп келатат* («Манас»).

**БАЛДАР АДАБИЯТЫ** *адаб.* Бөбөктөр, өспүрүмдөр үчүн жазылган көркөм адабият жыйындысы.

**БАЛДАР БАКЧАСЫ** *же* **БАЛА БАКЧА** мектеп жашына чейинки балдарга тарбия берүүчү мекеме. *Балдар бакчаларында балдар колхоздук каражаттык эсебинен багылууга тийиш* («Кыргызстан аялдары»). *Бала бакчасын эми айтпа, оюнчуктарга чейин саттырып келиптир* (Байтемиров).

**БАЛДАР бала** деген сөздүн көптүк сандагы формасы. *Жарыша чуркап жамгырга Борсулдап балдар күлүшөт* (Токомбаев).

**БАЛДАР ҮЙҮ** *пед.* Мамлекет, коомдук жана чет элдик уюмдар, жеке адамдар тарабынан уюшулуп, ата-энеси жок жетим калган, ата-энеси укугунан ажыраган же убактылуу бага албаган ден соолугу начар, ж.б. орчундуу себептерден улам кароосуз, багуусуз калган балдарды тарбиялоочу мекеме. *Алтыга толбой ата-энеден ажырап жетим калган кызды шаардагы балдар үйүнө өткөзүп коймокко тигилер кошо ала келатса керек* (Сыдыкбеков).

**БАЛДАРЛУУ** Балдары көп, көп балалуу, жаш аялмет. *Эжем, жеңем жаш балдарлуу жалгыз бой, Калгандарын кантип коём ойлобой* (Нуркамал).

**БАЛДЫЗ** Аялынын синдиси. *Пендечилик кылыптыр, Менин Жаңыл балдызым* (Жантөшев). ‖ Аялынын аталаш туугандарынын кыздарына же жалпы эле аялы менен айылдаш болгон жашы кичүү кыздарга карай колдонулат (жездеге карата). *Балдыздарынын күлкүсү жезденин да көңүлүн бурду* (Каимов).

**БАЛДЫР-БАЛДЫР (балдыр-булдур)** Сөздү ачык, так айтпастан, шашылыш же чала-була айтып сүйлөгөндүгүн, түшүнүксүз экендигин билдирүүдө колдонулат. *Мас неме балдыр-балдыр этип, тажатып бүтүрдү. Жаш бала балдыр-булдур сүйлөп бирдемелерди айткан болот.*

**БАЛДЫРА** Балдыр-балдыр этүү, так сүйлөй албоо, булдурап, түшүнүксүз сүйлөө. *Эй, балам,– деди ал аптыга сүйлөп балдырап* («Ала-Тоо»). *Аркада солдат балдырап, Жайымды айтсам тил билбейт* (Токтогул). *Тиш түшкөндө, тил калат, Сүйлөй албай балдырап* (Токтогул).

**БАЛДЫРАК** Балдырап көп сүйлөгөн. *Балдырактын бири.*

**БАЛДЫРАТ балдыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Балдыратып эле сүйлөтүп койсо.*

**БАЛДЫРАШ балдыра** этишинин кош мамилеси. *Бирдеме деп балдырашып тура тур.*

**БАЛДЫРКАН ЖҮНҮ КАТА ЭЛЕК** өсүп жетиле элек, күчкө толо элек. *Балапан жүнү бата элек, Балдыркан жүнү ката элек* (фольк.).

**БАЛДЫРКАН** *туурасы:* **балтыркан.**

**БАЛДЫРОО балдыра** этишинин кыймыл атоочу. *Дайны жок балдыроо. Түшүнүксүз балдыроо.*

**БАЛЕ I** *диал.* Бали, *Бале, бале! Көктөсүн турмуш, көктөсүн!* (Сыдыкбеков).

**БАЛЕ II** *диал.* Балаа. *Мени бир балеге кириптер кылып, касапчылыктын пайдасын жалгыз өзү ээлеп калмак экен* (Абдукаримов).

**БАЛЕК I** *диал.* Чикит ойнунда колдонулуучу эки башы учталган кичине таякча, чикит.

**БАЛЕК II** *диал.* Ышкын сыяктуу өсүмдүктөрдүн жалбырактарынын жазы жалбырак болуп кеткенге чейинки сабагы,

билеги.

**БАЛЕК III** *туурасы:* **палек.** *Тогуз кабат балек* («Манас» С.О.).

**БАЛЕК IV** *диал.* Сокбилек. *Балекти алып чык.*

**БАЛЕКЕТ** *туурасы:* **балакет.**

**БАЛЕРИНА** Балет бийчиси. *Алардын образын өз деңгээлине жеткире аткарган балерина Бүбүсара Бейшеналиева болду* («Ала-Тоо»).

**БАЛЕТ** 1. Бийдин театралдык искусствосу. *Классикалык балет.* 2. Музыка менен үндөш мимика, бийден турган театралдык оюн, спектакль. *Кыргызстанда революцияга чейин өзүнүн балети болгон эмес* («Коммунист»). *Анын маталган сыйда келбети жалаң гана балет үчүн жаралгандай* («Ала-Тоо»).

**БАЛЕТМЕЙСТЕР** Балеттик бийлерди коюучу искусство кызматкери. *Балетмейстер ролдорду бөлүштүрүүдө эч жаңылышпаган* («Ала-Тоо»).

**БАЛЕТТИК** **балет** дегенге таандык. *Кечээ «Саманчынын жолунун» балеттик варианты көрүүчүлөргө тартууланды* («Советтик Кыргызстан»).

**БАЛЖА-БАЛЖА** (балжа-булжа) Балчылдата майдалап бузулгандыгын, эзиле бөлүнүп-бөлүнүп шылынгандыгын (көбүнчө этке карата) билдирүү үчүн колдонулат. *Балжа-булжа бөлүү. Балжа-булжа болуп эзилип бышуу.*

**БАЛЖА-БУЛЖА КЫЛУУ** Майда-майда бөлүктөргө бөлүү, ажыратуу, барча-барча кылып талкалап жиберүү. *Бат эле балжа-булжа кылып ийишти.*

**БАЛЖАГАЙ** Бети балжайган жайык. *Балжагай жигит.*

**БАЛЖАЙ** Балжагай тартып туруу. *Балжайып бети жалпак.*

**БАЛЖАЙТ** **балжай** этишинин аркылуу мамилеси. *Бетин балжайтып карап турат.*

**БАЛЖАЛА** Балжа-балжа кылып бөлүү, жик-жигинен ажыратуу. *Башты балжалап жиберди.*

**БАЛЖАЛАТ** **балжала** этишинин аркылуу мамилеси. *Балжалатып бөлдүрүү.*

**БАЛЖАЛОО** **балжала** этишинин кыймыл атоочу. *Башты балжалоо.*

**БАЛЖУУРАН I** Ышкын сыяктуу өсүмдүк.

**БАЛЖУУРАН II** Каймагы алынбаган ынак сүттөн уютулган таттуу айран, жуурат. *Накта койдун сүтүнөн уютулган балжууран экен.*

**БАЛЖУУРАТ** *диал.* Агыш кызыл тарамдуу келишкен өң. *Балжуурат ирени ого бетер тамылжып, ууртунун чуңкурчасында күлкү ойноп турду.*

**БАЛЖЫРА** Коюу, илээшкек көрүнүштө болуу. *Балжырап туш-тушунун баары төгүлгөн жуурат.*

**БАЛЖЫРАТ** **балжыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Балжыратып төгүп алуу.*

**БАЛЖЫРОО** **балжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛИ** 1. Кубаттоодо, таң калууда, жактырууда колдонулат. *Бали, азаматым, коонуң коон экен! – деп атамды мактоо менен кесилген коондорду Кулу калпа жумшактай сугунууда* (Жантөшев). 2. Какшыктоодо колдонулат. *Бали, азамат, молдо болуп калдыңбы?* (Бөкөнбаев).

**БАЛИТ** 1. Ыпылас, кир, таза эмес, булганч. *Ичине көр-жер түшүрүп, Балит кылат ашыңды* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Ою бузук, бузуку, ичи жаман, арам ойлуу. *Максатыңыз балит экен* (Убукеев). *Жууратбек сен... карт түлкүнүн балит тырмагына мени мыткыткың келген* (Бейшеналиев).

**БАЛИТТИК** 1. Таза эместик, тазалыгы жоктук, булганчтык. *Өзүнүн балиттиги аркасында мурду маңка болгон* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Ою бузуктук, кара ниеттүүлүк.

**БАЛКА** Мыкты кагып киргизүү, бир нерсени ургулоо үчүн колдонулуучу ар түрдүү салмактагы саптуу аспап. *Акбар чаңкылдаган балканын үнүн улап устаканага кирди* (Убукеев). *Столдун үстүндө кычкач кескич, балка өңдүү жабдыктар турат* (Сасыкбаев).

**БАЛКАГАЙ** Толмоч, балкайган. *Балкайган жигит.*

**БАЛКАЙ** Толук, толмоч көрүнүү. *Балкая тарткан эр экен* (Бейшеналиев). *Эткелинен келген кара тору келин балкайып кирип келди* («Ала-Тоо»).

**БАЛКАЙМАК** Каймактын бир түрү. Бышпаган сүттөн алынган каймакты сары май алыш үчүн эмес, ысуулай нан малып жеш үчүн бир борк эттирип кайнатып алуу.

**БАЛКАЙТ** **балкай** этишнин аркылуу мамилеси.

**БАЛКАЙЫҢКЫ** Толмочунан келген, балкагай тарткан. *Балкайыңкы киши. Балкайыңкы кебете.*

**БАЛКАМЫШ** Көбүнчө кичине көлдөрдө, көлчүктөрдө өсө турган сабагы жоон, бийик камыш.

**БАЛКАН** Балкан тоо *же* балкан тоодой – абдан чоң (көбүнчө шишикке же шишимек тарткан көрүнүшкө карата). *Акендин өңү абдан келишиптир, бети – балкан тоо* (Таштемиров). *Мен көзүмдү ачсам, сен мени азапка салбачы, – деп энем маңдайымда отурат. Аябай ыйлаган эки көзү балкан тоодой* (Жантөшев).

**БАЛКАНАК** **балканактай** менен бирдей. *Балканак семиз.*

**БАЛКАНАКТАЙ** Семиз, болук, толук, балкайган. *Айкан мурдагысындай арык эмес, балканактай толук келин боло баштады* («Чалкан»).

**БАЛКАНИСТИКА** Балкан жарым аралыгындагы элдердин тарыхын, тилин жана маданиятын изилдей турган илимдердин жыйындысы.

**БАЛКАЧЫ** 1. Устаканада балка чабуучу. *Бекжан балкачы болуп иштейт* (Абдукаримов). 2. Карагайга белги коюп туруучу, карагай башы.

**БАЛКАЮУ балкай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛКИМ** Болжол кылуу, болжолдоо, күмөн саноо маанисинде колдонулат. *Айтканың көп учурда дал төбөсүнөн чыкчу эле. Балким, дагы бирдеме деп жүрбө* (Байтемиров). *Балким, корккондуктан жөн-жайыңды жашырып жүргөн чыгарсың* (Жантөшев).

**БАЛКИТЕП** Төлгө китеп. *Барыбыз олтурганда кара кийинген аял балкитебин алып чыкты (Сырдуу дүйнө).*

**БАЛКОН** 1. Көп кабаттуу үйлөрдүн этаждарынан сыртка карай чыгарыла жасалган тосмолуу аянтча. *Айна Жанболот келе жатпасын деген ой менен балконго чыгып, көчө жакты карады* (Шимеев). 2. *театр.* Көрүүчүлөр үчүн жасалган портерден жогорку ярустагы орундар. *Менин ордум балкондун экинчи катары.*

**БАЛКЫ I** Кымкап. *Барча менен балкыны Алдына төшөп коюңар* («Манас»). *Байбиче турду балк этип, Балкы тон менен нарк этип* («Манас» С.О.).

**БАЛКЫ II** 1. Эрип жумшаруу, эрип көлкүлдөө, толукшуп көөлгүү. *Кара жер балкып жаз келди* (Осмонкул). *Асмандан балкып күн тийсе, Шооласы жерге төгүлөт* (Токтогул). 2. *өт.* Ыракаттанып, көңүлдөгүдөй абалда болуу, магдырап жибүү, мемирөө, толукшуу. *Суйүшкөн эки дене, чымырагандан чымырап коргошундай балкып баратты* (Абдукаримов). *Негедир бүткөн бою балкып, алка-шалка терге чөмүлүп кетиптир* (Бейшеналиев).

**БАЛКЫЙ** Балкайган көрүнүштө болуу. *Балкыйган кишии.*

**БАЛКЫЛДА** Жумшак толук нерсенин кыймылдагы көрүнүшү *Куялынын айдай бети жаркылдап, Эки эмчеги балкылдап* («Сейтек»). *Керимакундун бужугур кара сакалынын алдындагы, богогу ыксыз балкылдады* (Жантөшев). // Балкыган абалда болуу. *Көңүлдөрү балкылдап, Коргошундай эриштӣ* («Курманбек»).

**БАЛКЫЛДАТ балкылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Балкылдатып эмчек эмген бала. Балкылдатып эритүү.*

**БАЛКЫЛДОО балкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛКЫМЫЗ** Абыдан бышылган кымыз. *Жакшынакай келинчек, балкымыздан бер эми* (Стамов).

**БАЛКЫТ балкы** этишинин аркылуу мамилеси. *Чың темирди балкытып, өнөрүң аштың көмүрдөн* (Тоголок Молдо). *Балкытып бойду эритип комуз чертет* (Турусбеков).

**БАЛКЫЧ** *диал.* Балчык, баткак. *Ошо түшкөн чуңкуру Асты балкыч, бети муз* («Эр Төштүк»).

**БАЛЛ** 1. Жер титирөөнүн, шамалдын ж. б. кубулуштардын күчүн же деңгээлин өлчөөчү бирдик. *Фрунзеде 1963-жылы жер титирөө болуп, анын баллы 4–5 ке жеткен.* 2. Окуучулардын, студенттердин спортсмендердин ж.б. билиминин, аракеттеринин деңгээлин баалоодогу цифра менен коюлган баа, баалоо бирдиги. *Кайраттын бир балл өйдө баага ээ болгонун эшиткен соң, Түгөл ээрдин кесе тиштенген* (Бейшеналиев).

**БАЛЛАДА** 1. Укмуштуу баатырдык, фантастикалык же тарыхый мүнөздөгү окуяларды ыр менен баяндалган чакан чыгарма. 2. *муз.* Баяндама мүнөзүндөгү вокалдык же инструменталдык чыгарма.

**БАЛЛАСТ** 1. Кеменин салмагын теңдеп туруу үчүн түбүнө салынган оор жүк, ошондой эле абада учуучу аппараттын бийиктигин тартипке салып туруучу оордук жүгү. 2. Темир жолдун рельси менен шпалдардын астына кум аралаш төшөлгөн шагыл.

**БАЛЛИСТИКА** 1. Кандайдыр бир бурч менен горизонтту көздөй ыргытылган оор телонун учуу законун үйрөтүүчү теоретикалык механиканын бөлүгү. 2. Замбиректин ичиндеги жана андан атылып чыккандан кийинки снаряддын учуу законун үйрөтүүчү илим. *Ички баллистика. Тышкы баллистика.*

**БАЛЛИСТИКАЛЫК баллистика** дегенге таандык. *СССР континенттер аралык баллистикалык ракеталарды түздү* («Коммунист»).

**БАЛЛОН** 1. Суюктук же газ толтурууга ылайыкталып айнектен, темирден ж.б.; жасалган жабык идиш. *Баллон менен кислородду беришет* («Ден соолук»). 2. Автомобилдин же башка машиналардын резинадан жасалып, ичине жел толтурулган шинасы. *Машинанын баллону жарылды.* 3. Аэростаттын газды өткөрбөй турган катмары.

**БАЛЛОТИРОВКА** *саяс.* Кандайдыр бир уюмдун, комиссиянын мүчөлөрүн, делегаттарды, депутаттарды ж.б. маселелерди жашыруун жабык добуш берүү жолу менен шайлоо.

**БАЛМУЗДАК** Каймак, сүт, кант, көп ширин кошуп, тондурулган таттуу тамак. *Балмуздак саткан жерге чейин жете албай калабыз, эми сурабагын макулбу?* (Мавлянов).

**БАЛП** 1. Жумшак нерселердин бир нерсеге урунгандагы дабышын, чогуу бойдон тийгендигин; төгүлгөндүгүн ж. б. билдирүү

үчүн колдонулат. *Алп кара куш балп дедире сугунуп, курк дедире жутту эле* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Ойлобой сүйлөгөндүгүн, этият кылбай, шарт эле айтып салгандыгын билдирүүдө колдонулат. *Мунун баарын балп эткизип айтып салды.*

**БАЛПА** *диал.* Кебек.

**БАЛПАГАЙ** Жоонунан келген, денеси жайылган, балпайган. *Трактордун ээси – дайым тердеп турган балпагай киши.*

**БАЛПАЙ** Дене-бою жайылыңкы, балпагай тарткан көрүнүштө болуу. *Төрдө балпайып, богогун салаңдатып отурган – Кадырбек* (Жантөшев).

**БАЛПАЙТ балпай** этишинин аркылуу мамилеси. *Өзүңдү уя баскан тоодактай балпайтып төргө отургузабыз* (Сыдыкбеков).

**БАЛПАК** 1. Тулку бою жайылган, балчагай. 2. *элес.* Балпайган дененин кыймыл-аракетин, балпайган көрүнүштөгү нерсенин элесин билдирүүдө колдонулат. *Балпак-балпак этип басуу. Балпак-балпак жааган кар.* ‖ Кең жана чоң келип калган кийимдин элесин көрсөтүүдө колдонулат. *Шымынын багалеги балпак-балпак этип, өткөрө кенен.*

**БАЛПАКЕ** Кең пейил.

**БАЛПАКТА** 1. Балпак-балпак этүү. *Ун алышып алыстан Балпактап бака чардаган* (Токомбаев). *Жогортон жүргөн суук шамал балпактаган карды уюлгутуп, бир заматта бороон болду* («Ала-Тоо»). ‖ Кең, балактаган көрүнүштө болуу. *Баскан сайын кара шымы балпактайт.* 2. Ооз толтуруп ашыгыраак сүйлөө. *Балпактап сүйлөй бергендин эмне кереги бар.*

**БАЛПАКТАТ балпакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Эшим эки жеңин балпактатып арттa* («Ала-Тоо»).

**БАЛПАКТОО балпакта** этишинин кыймыл атоочу. *Сөздү көп сүйлөп балпактоо.*

**БАЛПАЛАКТА** Балпалаң-балпалаң этип шашып жүрүү, барпандоо. *Сулай эне улам сырткы үйгө балпалактап чыгып, улам бирдемени алып келип, Абазга чөмчүлөп берип жатты* (Таштемиров). ‖ Балпактоо. *Кар балпалактап жаап жатат.*

**БАЛПАЛАКТАТ балпалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЛПАЛАКТОО балпалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛПАҢ** Балпайган кебетедеги дененин же нерсенин кыймыл-аракетин, көпшөгүрөөк, жалпагынан келген нерселердин элесин көрсөтүүдө колдонулат. *Талааны ачып, Балпаң басып, Берегинде сулуу жеңем турбайбы* (Элебаев). *Балпаң-салпаң маң баскан, Чуудаларын чаң баскан* («Манас»). ‖ Бапырандаган аракетти көрсөтүүдө колдонулат. *Атай келим-кетимге кенен, балпаң-балпаң киши* (Бейшеналиев).

**БАЛПАҢДА** Балпаң-балпаң эткен кыймыл-аракетте же көрүнүштө болуу. *Чокуга чейин кар кечип, Чоң чокой менен балпаңдап* (Осмонкул). ‖ Бапырандоо. *Кырмандаган уул-келиндерине Энекебиз тамак камдайт, балпаңдап* (Маликов).

**БАЛПАҢДАТ балпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЛПАҢДОО балпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛПАЮУ балпай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛПЫГЫЙ** Балпагай, балпайган. *Балпыгый аял.*

**БАЛПЫЙ балпай** менен бирдей.

**БАЛПЫЛДА** Ооз толтуруп бапылдоо, орунсуз сүйлөө же ооз толтуруп сугунуп чайноо. *Байыркымды мен айтсам. Мактагандай болормун, Ары жок кемпир балпылдап, Ашык айтып коёрмун* («Сейтек»).

**БАЛПЫЛДАТ балпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЛПЫЛДОО балпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛТА** 1. Жыгачты кесүү, жаруу, казык кагуу, ж.б. иштер, сомдоо үчүн колдонулуучу жазы жагы миздүү, экинчи жагы үңгүлуу темир курал. *Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди* (Байтемиров). *Курч балта кыя кескен четиндин ичке, узун чыбыгы азыр Динардын колунда* (Сыдыкбеков). 2. Ойнолуучу картанын фигураларынын төртүнчү даражасынын аты. *Чырымдын балтасы. Ачанын балтасы.*

**БАЛТА-КЕРКИСИ КОЛУНДА** *к.* **керки-балтасы колунда.**

**БАЛТА ЧАБАР** Шилтеген жакка бара берген, каруу-күч талап кылган иштерге жарай турган. *Момундарды дүрбөткөн чыр башы, алардын балта чабары Мамбет. Мырза чындап анын көзүн тазалоого ызырынды* (Бейшеналиев).

**БАЛТАГАЙ** Жоон, демейкиден жоонураак. *Анын эки балтыры балтагай тартып тургансыйт.*

**БАЛТАЖУТАР** Жырткыч куш, чоң-чоң сөөктөрдү да жута турган жору.

**БАЛТАЙ** 1. Болук, жоон жана эттүү көрүнүштө болуу. *Буттары балтайып жоон.* 2. Коюу, илешкек тартып туруу, былчыйып жайылган же балжыраган көрүнүштө болуу. *Шорголоп кызыл шүйшүн бутум тилик, Балтайып ириңдеген тикен кирип* (Бөкөнбаев).

**БАЛТАЙ-ШАЛТАЙ** Кереги жок, ирээти жок сөз, иш, жүрүм-турум. *Балтай-шалтайыңды коюп, чын баасын айт.*

**БАЛТАК-ШАЛТАК балтаң-шалтаң** менен бирдей.

**БАЛТАЛА** Балта менен чапкылоо, кандайдыр бир иште балтаны колдонуу. *Карагайдан балталап, Комуз чаптым токойдо* (Токтогул). *Сегиз сарай казынам Балталап*

*оозун ачтырдым* («Эр Төштүк»).

**БАЛТАЛАТ балтала** этишинин аркылуу мамилеси. *Балталатып жардыруу.*

**БАЛТАЛОО балтала** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛТАЛУУ** Балтасы бар же балта менен куралданган. *Балталууга отун жокпу* (макал).

**БАЛТАМ ТАП** Улуттук балдар оюнунун бир түрү.

**БАЛТАҢ-БАЛТАҢ** Балтайган жоон көрүнүштөгү кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Балтаң-балтаң басуу.*

**БАЛТАҢДОО балтаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛТАҢ-ШАЛТАҢ** Абдан кир, ыплас. *Балтаң-шалтаң жүрө берүү.*

**БАЛТАСЫН ЧАБУУ** *к.* **камчысын чабуу.**

**БАЛТАЧАН** Балта кармаган, балтасы бар. *Балтачан киши.* ‖ Балта менен, ай балта менен куралданган адам, жоокер. *Балтачандар көрүндү* («Манас»).

**БАЛТАЧЫ** 1. Балта жасоочу уста. *Балтачыга балта жасатып алуу.* 2. Балта, ай балта менен куралданган адам, жоокер. *Балтачысы бир башка* («Манас»).

**БАЛТАЮУ балтай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛТЕК** Буттары кыска, бою жапыз балчагай ит, жалпы эле ит.

**БАЛТЫЙ** Балчаюу, балтаюу. *Көк жашыл тартып балтыя түшкөн коюу сыя жазуунун көркүн бузду* (Сыдыкбеков).

**БАЛТЫЙТ балтый** этишинин аркылуу мамилеси. *Пионерлердин күндөлүк дептерине Омор кары бармагынын тагын балтыйта басты* (Сыдыкбеков).

**БАЛТЫР** Шыйрактын булчуң эти. *Балтырга чейин түрүнүп, Баатырча сууга киргени* (Маликов).

**БАЛТЫР БЕШИК** 1. Баланын 6–7 айлык болуп, торолуп, балтыры (буту) бешикте таңылып, али өз алдынча турууга жарай элек, талпынып калган учуру. *Жаңы гана балтыр бешик болгон баласын бооруна кучактап алган* (Жантөшев). *Балтыр бешик неберемди жыттасам пейлим тоюп, топуктанам* (Бейшеналиев). *Жеңишбектин балтыр бешик кези* (Сыдыкбеков). 2. Жаш, өсүп жетиле элек, эч нерсени түшүнө элек, мадыра баш. *Пайгамбар жашына келип калсак да, балтыр бешик балдарга алдырып койгон кез, дос* (Бөлөкбаев).

**БАЛТЫР БОО** *аңч.* Алгыр куштардын, бүркүттүн бутуна тагылуучу кыска кайыш боо.

**БАЛТЫР ЭТИ ТОЛУУ** Эр жетип, баралына келүү, күчкө толуу. *Эхе-е, балтыр этиң толуп, бакыйган жигит болуп келген турбайсыңбы!* (Тойбаев). *Балтыр эти толо электигине, каруу эти ката элегине карабай айылдагы жеңилди жерден, оорду колдон алды* (Абакиров). *Балтыр эти толо элек, Балбан чагы боло элек* («Манас»). **В.: Балтыры катуу.** *Эзилген кедей эс алып, Балтыры катып торолгон* («Жазгыч акындар»). **Борбуй эти толуу.** *Борбуй эти толо электе оор эмгек, кайгылуу турмушту өткөрүп чоңойду* (Баялинов).

**БАЛТЫРКАН** Өзөгү түтүк сыяктуу көңдөй, түп-түп болуп чыгуучу куурай өсүмдүк. *Балтыркан өскөн сонун жер Барбаса киши сагынган* (Бөкөнбаев).

**БАЛТЫРЛА** Балтырдан алуу, балтырга асылуу, балтырдан тиштөө. *Балбандар бирин-бири балтырлап, көпкө кармашышты. Иттер балтырлап бастырбайт.*

**БАЛТЫРЛУУ** Балтыры чоң, балтыры жоон. *Балтырлуу аял.*

**БАЛТЫРЫ БАТУУ** Бир жерге байырлап туруп калуу, алынышып, үйүр алышып кетүү. *Байымбет балтыры бата электе күндөлүк көнүмүш милдетин аткарбай кечиккенине туталанды* (Бейшеналиев). **В.: Балтыры сыюу.** *Бөтөн эл, бөтөн жерге байырлап, балтырым сыяр бекен деп көп ойлоно турган* («Ала-Тоо»).

**БАЛТЫРЫН КӨТӨРҮҮ** Бойго жетүү, эр жетүү, жигит болуу. *Уулуң балтырын көтөрө албай жатып көпкөнү жүрөт* (Токомбаев).

**БАЛЧ** Жумшак нерсенин экинчи бир нерсеге түшкөндөгү, тийгендеги дабышын билдирүүдө колдонулат. *Балчыкка балч дей түштү.*

**БАЛЧАГАЙ** Балтагай, туурасы чыккан, жапалдаш жоон. *Балчагай адам.*

**БАЛЧАЙ** 1. Туурасы чыгып жайылыңкы жоон болуп көрүнүү, балтайган көрүнүштө болуу. *Балчайган чоң курсак тору бээге учкаштырып алды* (Элебаев). 2. Коюу тартып жайылуу, жайылган из калтыруу. *Аяк жагы балчайып жазуунун көркүн бузуп турат.*

**БАЛЧАЙТ балчай** этишинин аркылуу мамилеси. *Балчайта жазуу. Балчайтып печать басуу.*

**БАЛЧАК** Балчайган, балтайган. *Бака-бака балчак, башың неге жалпак* (Бөкөнбаев).

**БАЛЧАК-БАЛЧАК** Балчайган кебетедеги кыймыл-аракетти, көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Балчак-балчак басуу. Балчак-балчак чайноо.*

**БАЛЧАКТА** Балчак-балчак этип кыймылдоо.– *Оо! Балчактаган байкуш!* (Сыдыкбеков).

**БАЛЧАКТОО балчакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛЧЕЛЕК** Аарыларды кармап, бал алуу үчүн жыгачтан жасалган төрт бурчтуу уя, үкөк. *Балчелектин биринин үстүн ачты да, бир барагыгын сууруп, табака коё салды* (Касымбеков).

**БАЛЧЕЛЕКЧИ** Балчелектерди кармап,

бал өндүрүү менен алектенген адам. *Токтогул балчелекчи досунун үйүнө келди* (Касымбеков).

**БАЛЧЫ I** Бал челек күтүүчү; бал аарысын асыроочу. *Совхоздун балчысы.*

**БАЛЧЫ II** Бал ачуучу, төлгөчү, палчы. *Бериштем айтып турат дейт Алдамчы балчы, бакшысы* (Осмонкул).

**БАЛЧЫК** Баткак, ылай. *Айланайын, бутуңдагы балчыкты кагып кирсең боло!* (Касымбеков). *Жол балчык, күн жашыган ала шалбыр, Мойнумдан шорголоду кара жамгыр* (Абдыраманов).

**БАЛЧЫКТУУ** Баткактуу, ылайлуу. *Сейит балчыктуу каптал жол менен Иса Молдонукуна жетти* (Сасыкбаев).

**БАЛЧЫЛДА** Катуу суу болгон бир нерсе жөнүндө. *Кийиз өтүгүм балчылдап калды.*

**БАЛЧЫЛЫК I** Аары асыроо менен кесипчилик кылуучулук, аары багуучулук.

**БАЛЧЫЛЫК II** Бал ачып, төлгө тартуучулук.

**БАЛЫГЫР** Толмочунан келген, толук, балкыйган. *Балыгыр тарткан сары жигит.*

**БАЛЫК** Бакалоору менен дем алып, канатчалары, куйруктары аркылуу кыймылдап, суула жашоочу омурткалуу жаныбар. *Таза абада, чоң суунун боюнда балык уулап жүрүү кандай сонун* (Байтемиров). *Балыгы суула чалкыган, Куулары көлдө калкыган* (Токтогул).

**БАЛЫК ЖОН** Орто жери жумуру тартып жондонуп кеткен көтөрүңкү, эки жагы эңиштеген. *Кырмандын бир четинде балык жон кылып үйүлгөн чоң үймөк* (Баялинов). *Үстү балык жон тамдар* («Ала-Тоо»). *Үстү балык жон тамдар менен кошо, чатырчасы тактай же тунукелүү ак тамдар турат* (Абдумомунов). *Кырмандын бир четиндеги балык жон сары кыр тартылып, үйүлгөн чоң үймөк* (Баялинов).

**БАЛЫК КӨЗ** Сорпонун үстүңкү бетинен кичинекей тегерек-тегерек болуп андасанда көрүнгөн майга карата айтылат.

**БАЛЫК ЭТ** Адамдардын, айбандардын кыр аркасынын эки жагына бойлото кеткен же булчундарындагы сулп эт. *Эки арканын балык эт, Туу коёндун жонундай* («Мендирман»). *Таңуунун алдындагы балык эт көгүлтүр тартып, терилери түлөп жанды чыгара кычышат* (Осмоналиев).

**БАЛЫККА ТИЛ, ДӨҢГӨЧКӨ ЖАН КИРГИЗҮҮ** Өтө эпчилдигин көргөзүү, ар кандай айла, амалдар менен аракеттенүү. *Анын кайсы амалын билебиз. Балыкка тил, дөңгөчкө жан киргизип жиберчүдөй болгон бир шуулдак өңдөнөт* («Кыргызстан маданияты»).

**БАЛЫКООЗ** Кыпчуур, кычкач.

**БАЛЫКЧЫ** Балык уулоочу, балык кармоочу. *Мында да, тигинде да жымжырт болуп, кайырмак салып отурган балыкчылар* (Сыдыкбеков).

**БАЛЫКЧЫЛЫК** Балык кармоочулук, балык уулоо кесипчилиги. *Балыкчылык бригадасы.*

**БАЛЫР** 1. Тамыры, жалбырагы жана бутак, сөңгөктөрү жок бири-бирине илээшип, жайылып өскөн суу өсүмдүгү. *Балырда балык ойногон, Черинде жолборс жойлогон* («Семетей»). 2. *өт.* Жашык, супсак, даамсыз. *Бул убакта кекилик, чил балдарын учуруп калган, бирок эттери балыр татып турган учур* (Каимов).

**БАЛЫРЛУУ** Балыры бар, балыр өскөн, балыры көп. *Балырлуу көл.*

**БАЛЫШ** *диал.* Жаздык, узун жаздык. *Ысактын башында ар түрдүү курактан жасалган пахта балыш* (Абдукаримов).

**БАЛЬЗАМ** Айрым түрлөрү техникада жана медицинада колдонулуучу, составында чайыр жана эфир майы бар өсүмдүктөрдүн жыттуу ширеси, маңызы. ‖ Дары чөптөрдөн алынган шире жана сыйпай турган коюу состав.

**БАЛЬЗАМДА** Чирип, жаман жыт бербөө үчүн (мис. өлүктү) бальзам менен катыруу, бальзам кошуу. *Бальзамдап койгон өлүктөр узак убакка сакталат.*

**БАЛЬЗАМДАТ** **бальзамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЛЬЗАМДОО** **бальзамда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЛЬНЕОЛОГ** Бальнеология жагынан адис.

**БАЛЬНЕОЛОГИЯ** Минералдык суулардын жана балчыктын дарылык касиетин жана химиялык составын изилдөөчү медицинанын бир тармагы

**БАЛЬНЕОЛОГИЯЛЫК** **бальнеология** дегенге таандык. *Бальнеологиялык курорт.*

**БАЛЭЭ** **балаа** менен бирдей. *Бирок элден кеткен оңчубу, Бир балээге каласың* (Шүкүрбеков).

**БАЛЮСТРАДА** Көпүрө, шаты, балкондордун капталдарындагы оймо-чиймелүү тосмолор.

**БАМБУК** Тропикалык, субтропикалык жактарда муунак-муунак болуп бийик өсүүчү жыгач сыяктуу өсүмдүк.

**БАМПЕР** Автомобилдин буфери, б.а., алды жагы.

**БАНАЛ УЙКАШ** *адаб.* Өтө көп колдонулгандыктан, биротоло кулакка сиңип, тамтыгы кеткен сөздөрдөн түзүлгөн уйкаштык. *«Бопорос тарттым күйгөндөн, Боздодум сени сүйгөндөн»*(Элдин ыр).

**БАНАН** 1. Мөмөсү же буласы керектелүүчү бийик өскөн жазы жалбырактуу тропикалык өсүмдүк. ‖ Ушул өсүмдүктүн калың кабыктуу мөмөсү. 2. Белинен чогултулган, асты жагы кууш келген кенен тигилген шым.

**БАНД** 1. Камакка камалган, байланган.

*Күйгүзүп күнгө кактаган, Бандилер ыйлап даттанган* (Барпы). 2. *диал.* Сууну байлоо, тосуу, 3. Дарымчылар шишикти дарымдап бүткөндөн кийин, байлоочу тануу жип. *Укумдуу балаа, тукумдуу балаа, Саатты балаа, сабытты балаа, Каапты балаа, боор бездүү балаа, Бездикен сөздүү балаа, Камбар боздуу балаа, Байладым банд*! (Эл ырлары).

**БАНДА** 1. Ар кандай кылмыш аракетин жасаган курал-жарактуу адамдардын тобу. 2. Ар кандай мыйзамсыз, туура эмес жасаган иштери боюнча коомдо жактырылбаган адамдардын тобу. – *Мына, тетиги көрүнгөн калың токойдо бандалар бар,– деди ал* (Баялинов). *Каракчылар бандасы.*

**БАНДАЖ** 1. Ички оргaндарды ылдый түшүрбөө үчүн атайын жасалган медициналык курсак тарткыч. 2. Машинанын тетиктерине кийгизүүчү, анын бек, бышык болушу үчүн металлдан жасалган алкак.

**БАНДЕРОЛЬ** 1. Китеп, журнал, ар кандай иш кагаздарын ороп байлоо үчүн кагаз лентасы. 2. Чоң эмес таңгактын почта аркылуу жөнөтүлүүсү. 3. *эск.* Товарда, акцизде төлөгөндү күбөлөндүрүү үчүн наклейка, ярлык.

**БАНДИТ** Курал-жабдыктуу каракчы, куралданган талоончу, бандага катышкан каракчы. *Бандиттерди жоюу. Бандиттердин талоончулугу.*

**БАНДИТИЗМ** 1. Тоноо, өлтүрүү, зордукзомбулук максаттарда курал-жарактуу кылмышкерлерди түзүүнүн бир түрү. 2. Бандага катышуу менен жүргүзүлгөн кылмыштуу иш. *Тынчы жок убак эле – бандитизм күчөп турган* («Жаш ленинчи»).

**БАНДИТТИК** 1. Бандитизм. 2. *сын. м.* бандит дегенге таандык. *Бандиттик кол салуу. Бандиттик топ.*

**БАНДУРА** Украин элинин чертилип ойнолуучу көп кылдуу музыкалык инструменти.

**БАНДУРАЧЫ** Бандура чертүүчү.

**БАНДУУЛУ** Элге жар салганда кагылуучу чоң барабан. *Бандуулунун түбүндө Жети жүз керней бапылдап, Аскерди жыйып азырлап* («Манас»). *Калаасында каңгырап, Бандулусу кагылып* (Манас).

**БАНЖАРА** 1. Жыгачтан кооздоп, оймочиймелеп жасалган чарпаянын керегелери жана терезенин кооздолгон орнамент алкактары. 2. Тосмо торчо. *Банжарасы алтындан, Бар асеми артылган* («Манас» С.О.).

**БАНК** 1. Финансылык ар түрдүү операцияларды жүргүзүүчү ири кредит мекемеси. *Мамлекеттик банк. Коммуналдык банк.* 2. Карта оюнунда ортого чогулган акча.

**БАНК ДЕПОЗИТИ** Банк кардарларынын (жеке адамдардын, ишкана, уюмдардын) банкка сактоого жайгаштырылган акча каражаттары же баалуу кагаздары.

**БАНКА** Цилиндр формасында айнектен же металлдан жасалган идиш. *Бала жолдун четинен консерванын банкасын тапты* («Жаш ленинчи»).

**БАНКЕТ I** Кандайдыр бир белгилүү окуяга же бирөөгө байланыштуу уюштурулган салтанат, сый тамак.

**БАНКЕТ II** 1. Жыгачтан, таштан же топурактан жасалган тосмо. 2. Курал-жарактарды орноткондо ылайыкталган кораблдеги палубанын үстүндөгү бийик жер.

**БАНКЕТКА** Төрт жагында төрт буту бар, артка сүйөп отуруучу жөлөнгүчү жок жапыз отургуч.

**БАНКИР** 1. Банктын ээси, кожоюну, банктын башкаруучусу. 2. Банкты башкаруунун мүчөсү, ири акционер.

**БАНКНОТ** Банк билети, кредиттик акчалардын бир түрү.

**БАНКОМАТ** Накталай валютаны насыя карточкаларда, негизинен интернешнл визасы аркылуу автоматтуу түрдө берүүгө, алууга арналган техникалык курал, банктык автомат.

**БАНКРОТ** 1. Ишкананын, фирманын ж.б. финансы жагынан кыйроосу. 2. *өт.* Карызын төлөөгө кудурети келбеген адам.

**БАНКРОТТУК** 1. Бүлүнүү, өздөрүнүн милдеттенмелери боюнча карыздарын төлөөдөн баш тартуу, каражаттарынын жоктугунун натыйжасында төлөөгө жөндөмдүүлүгүн жоготуу. 2. *өт.* Кедейлик, пландары менен үмүттөрүнүн кыйрашы, ордунан чыкпай калышы.

**БАНСА САРАЙ** Банса жайгашкан жай – буткана (к.буткана). Эпос боюнча будда дининдегилердин сыйынуучу жайы. *Банса сарай – буткана* («Манас» С.О.).

**БАНТ** 1. Чырмалган жип, тушоо. 2. **к. банд.** *Кордук көрбөс Кошой, – деп, Бантка түшсө бошоор, – деп* («Манас» С.О.). 3. Лентанын, тасманын ж.б. барпайтып, кооз байланган түрү. *Кызыл лентасын башына жакшынакай бант кылып байлап алган.*

**БАНТИК** Банттын кичинекейи. *Чачтарына ак бантик байланып, окуучулук форма кийинген кыздар тартиптүү отурушат* («Кыргызстан аялдары»).

**БАҢ** Пробка атылып чыккандай же мылтыктын үнүндөй чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Кың десең, мына мобу маңдайыңа баң этет* (Байтемиров).

**БАҢГИ** Нашаа тарткан адам. *Баңгилер көкнарынын же нашаанын түтүнүн ичке камыш түтүктөр менен моокуму кангыча сорушат* (Абдукаримов).

**БАҢГИЗАТ** Адамдын борбордук нерв системасын жабыркатып, көз карандылык өнөкөтүн пайда кылуучу негизинен өсүмдүктөрдөн жасалган зыяндуу зат. М: апийим, нашаа, марихуана, кокоин ж.б.

**БАҢГИЛИК** Адамдын организминин функциясын бузулушуна алып келип, баң-

гизатка өтө күчтүү тартылуу менен мүнөздөлгөн оору.

**БАОБАБ** Жоон сөңгөктүү тропикалык дарак.

**БАП I** 1. Табы жетилгендик. *Жакшы кушка жаман куш бабы менен теңелет* (макал). 2. Төп келгендик, дал келүүчүлүк. *Көп учурда кыял жоругу бап келбей турган адамдар баш кошушат да, чыр-чатак менен күн өткөрүшөт* (Бейшеналиев).

**БАП II** Керней тартылганда чыккан сыяктуу кыска дабышты билдирүүдө колдонулат. *Керней үнү бап этти.*

**БАП III** Китептин, чыгарманын бөлүмү б.а., глава менен бирдей.

**БАПА** 1. Жакшылык, үзүр, ийгилик, кайыр, пайдалуу. *Ырыскылуу пендесин кудайым өз колтугунда сактайт, бир ал кулум десе, замбиректен жалаң камчы бапалуу болор. Бүгүн көргөн эртең жок, бапасыз дүйнө дегениң ошол* (Өмүрбаев). 2. *диал.* Ысык деген мааниде жаш балага карата айтылуучу сырдык сөз.

**БАПАЙ** Бапыйган көбүңкү көпшөк көрүнүштө болуу (мисалы, сакал, кар).

**БАПАК** Төбөсү бийик баш кийим. *Мылтык, бапак сур шинел. О, кайран Андрей, башкача болуп калыпсың!* (Сасыкбаев).

**БАПАКТА** Бапылдап жаап кирүү, лапылдап чоң-чоң түшүү (мисалы, кар). *Кар бапактап жаап турат* (Элебаев).

**БАПАЛАК** Каркыра чертмей балдар оюнундагы айыптын бир түрү, айып тарткан киши баласын жоготкон кемпирди туурайт.

**БАПАЛАКТА** **бапакта** менен бирдей. *Жумшак кар күчөгөндөн күчөп бапалактап жааган сайын шаар ичи ого бетер ным тартат* («Ала-Тоо»).

**БАПАН: бапанга кет** Алыс жер. *Башы кеткен бапанга, аягы кеткен сапанга* (фольк).

**БАПАН-САПАН** Алыс жак, жер кыйыры. *Улуу журттун башы кетти бапанга, аягы кетти сапанга дегендей эле заман болду* (Абакиров).

**БАПЕС** Ардактап, кадырлап, этияттык менен мамиле кылуучулук, чебер камкордук. *Силер мени таза кийим кийгизип, балача бапес менен багып жатпайсыңарбы,– дейт Чоро врачка* («Ала-Тоо»). *Бир сабактан үч сото Эң кеминде дан алат, Бапес менен өстүрсө, Беш-алтыдан бала алат* (Токомбаев).

**БАПЕСТЕ** Ардактап багуу, этияттык менен мамиле кылуу, чебер камкордук көрүү. *Клава кыйын шарттарда өзүнүн жарынан калган жалгызын бапестеп өстүрдү* («Ала-Тоо»). *Орноптур токой совхозу, Бапестеп баккан жыгачты* (Үмөталиев).

**БАПЕСТЕЛ** **бапесте** этишинин туюк мамилеси. *Бапестелип сыр бешикке бөлөндүм* (Бейшеналиев).

**БАПЕСТЕТ** **бапесте** этишинин аркылуу мамилеси. *Бапестетип бактыруу.*

**БАПЕСТӨӨ** **бапесте** этишинин кыймыл атоочу. *Жамал бак-дарактарды бапестөө ишине өзгөчө көңүл бурат* («Кыргызстан аялдары»).

**БАПИК** Муунакталып бекитилген кырк-элүү жиптен талы бар төкмө чачы. *Ырамандын ырчы уул, Ычкыры бапик кырк муун* («Манас»).

**БАПИКТЕ** *диал.* Чачык кармоо, чачылоо. *Кол жоолугун бапиктеп койгон.*

**БАПИКТЕЛ** **бапикте** этишинин туюк мамилеси. *Карып чөнтөгүнөн четтери бапиктелип жасалган шайы жоолугун алып, бетиндеги терин аарчыйт* (Абдукаримов).

**БАПИКТЕТ** **бапикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАПИКТӨӨ** **бапикте** этишинин кыймыл атоочу

**БАПИКТҮҮ** Чачыктуу. *Бапиктүү жоолук.*

**БАПСАГАЙ** Чачы таралбай апсайган, сакал-муруту бапыйган (адамга карата). Өскүлөң жүндүү (айбанаттарга карата) *Бапсагай чач. Бапсагай күчүк.*

**БАПСАЙ** Апсаюу, бапыйган көрүнүштө болуу. *Сакалы кеткен бапсайып.*

**БАПСАҢ** Бапсайган көрүнүштөгү ар кандай элести, кыймыл-аракетти көрсөтүүдө колдонулат. *Бапсаң-бапсаң этүү. Бапсаң-бапсаң жүгүрүү.*

**БАПСАНДА** Апсандоо, бапсаң-бапсаң эткен кыймылда болуу. *Бапсаңдап басуу.*

**БАПСАНДАТ** **бапсанда** этишинин кош мамилеси. *Сакалын бапсаңдатып, жагалдана сүйлөдү.*

**БАПСАНДОО** **бапсаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАПСАЮУ** **бапсай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАПТА** 1. Таптоо, жакшылап багуу, бапестөө, бабына келтирүү. *Ок жетпеген Чалкуйрук Күндө баптап минди дейт* («Эр Төштүк»). 2. Кынабына келтирүү, бабына жеткирүү, шаанисине келтирүү, кастарлоо. *Баптап сүйлөсөң, сөзүңдө даам болот* (Сыдыкбеков). *Канттаган чайды баптап ичип отурушкан байбичелер кыздарга карап божурашат.*

**БАПТАЛ** **бапта** этишинин туюк мамилеси. *Багылып жана бапталып турган аттар ойкуштап жүрүштү* (Каралаев).

**БАПТАН** Менменсинүү, шаан-шөкөттөнүү, келберсүү. *Чаалыгып калган Алымкул Чоюлуп жатты баптанып* (Токомбаев). *Ашым төргө өттү да, баптанып столго отурду* (Сыдыкбеков).

**БАПТИЗМ** Кудайга ишенгендердин ортоктош катары храмдык ырым-жырымдарды жокко чыгаруучу жана эрезеге жеткенде гана чокундурууну туура деп эсептөөчү протестантизмдин бир түрү.

**БАПТИСТ** Баптизмди жактоочу адам.

**БАПТОО бапта** этишинин кыймыл атоочу. *Атты багуу, баптоо керек* (Каралаев).

**БАПТУУ** Келишимдүү, кынапталган, келишкен. *Коюу, баптуу кер мурутун тил менен Ирмеп алды, кылдын даамын таткандай* (Токомбаев).

**БАПЫЙ** Бапсайган чоң калың көрүнүштө болуу. *Бабайдын чоң сакалы бапыйып турат* (Элебаев). *Булут чайытынан ачылган пахтадай бапыйып турат* (Сыдыкбеков).

**БАПЫЙТ бапый** этишинин аркылуу мамилеси. *Кар бапыйта калың жааган экен* (Бейшеналиев).

**БАПЫЛДА** Бап-бап эткен дабыш чыгаруу. *Сурнай үнү заңкылдап, Керней үнү бапылдап* («Сейтек»). ‖ Үнүн катуу чыгарып сүйлөө, бакылдоо. *Кожоюн бирдеме деп бапылдап сөгүп жатат* (Элебаев).

**БАПЫЛДАТ** 1. **бапылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Бапылдатып керней тартуу. Бапылдатып сүйлөтүп коюу.* 2. Бапылдап чоң-чоң жана тез-тез түшүү (мисалы, кар жөнүндө). *Кар бапылдатып жатат* (Жантөшев).

**БАПЫЛДАШ бапылда** этишинин кош мамилеси.

**БАПЫЛДОО бапылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАПЫРА I** 1. Көбөйүү, жайылуу, чачылуу, кеңейүү. *Ар кай жерде бапырап барактар чачылып жатат* (Бейшеналиев). 2. Кубануу. *Баргандан бери бапырап, Кубанды кыпчак көп эли* (Үсөнбаев).

**БАПЫРА II** Топ канаттуулардын учканда чыккан дабышын же чоңураак канаттуулар чукул көтөрүлө бергенде чыккан дабышты, бырпырап учканын билдирүүдө колдонулат. *Кекиликтер бир тарапты көздөй барпырап учуп жатышты* (Баялинов).

**БАПЫРАКТА бапыраңда** менен бирдей. *Бапырактап иштеп жаткан эле балдар* (Таштемиров).

**БАПЫРАҢ** Бапырандаган, ачык-айрым, жоомарт жүргөн, жайдары. *Эч нерсесин аянбаган, оокатын жайнатып таштаган бир бапыраң.*

**БАПЫРАҢДА** Көтөрүңкү көңүл менен жайдары, жоомарт жүрүү. *Көчөр бапыраңдап ачык-айрым* (Бейшеналиев).

**БАПЫРАНДОО бапыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАПЫРАТ бапыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАПЫРАТМА** *диал.* Тузак, кылтак.

**БАПЫЮУ бапый** этишинин кыймыл атоочу.

**БАР I** 1. Бир нерсенин болушу, жок эместиги. *Эркектен менден кичүү иним бар* (Сыдыкбеков). *Барга мактанба, жокко шашпа* (макал). 2. *өт.* Бай, жетиштүү, оокаттуу. *Өлүм бардын малын чачат* (макал).

**БАР II** Бардык, бүткүл. *Байкап турса Ала-Тоо, Бар илбесин чубаган* («Эр Табылды»). *Баарланып көз кайкыттың мелтиреп, Бар жагыңды кандай акын келтирет* (Маликов).

**БАР III** 1. Жөнөө, кетүү, жүрүү, бир жакты карай багыт алуу. *Кош, Жеңиштай, аман барып, аман кел, Тааныш болсун талабыңа далай жер* (Осмонов). *Капчыгайды шаңга салган Эр паровоз бараткан* (Бөкөнбаев). *Айтпады бир жол дебесин, Алдыңа өзүм барайын* («Манас»). 2. Белгилүү бир куракка, жаш чегине жетүү, толуу. *Эл көзүнө жеңилттиң, Элүү бешке барган жаш* (Токтогул). *Жашың сегизден жаңы ашты. Сексен жашка бараткан менден көптү биле баштадың* (Сыдыкбеков). 3. Терс формада: **барба.** Батынбоо, киришпөө. *Калганы деле жетишет, Эми уурулукка барбагын* (Шүкүрбеков). 4. Көмөкчү этиштин милдетин аткарат. *Куруган картаң кемпир-чал Кучактап барып жыгылды* (Үсөнбаев). *Кудайназар абаңдан Акыл чыкпай баратат* («Эр Табылды»).

**БАР IV** Келгендер туруп ичип, жешке ылайыкталган кичирээк ресторан, закусочная.

**БАР-БАР** Баркырай чыккан үндү, дабышты билдирүүдө колдонулат. *Бала жерде туйлады, Бар-бар этип ыйлады* («Манас»).

**БАР БОЛ** Салам айткан кишиге карата алик алуу иретинде айтылган жооп, тилек. *Бар бол, садага – деди Баалкан* (Жантөшев).

**БАР БОЛГОНУ** Бардыгы, турганы. *Тоого чейин жапжакын, бар болгону жарым чакырымдай болучу* (Өмүркулов).

**БАРА I** Бир нерсени айландыруу, кыймылга келтирүү үчүн колдонулган тиштүү же жалпак калакчалуу дөңгөлөк. *Тегирмендин барасы. Толкун болот деңиз үстү, Токтотпогун бараңды* (Токомбаев).

**БАРА II** *диал.* Козунун майда тармал көрпөсү. *Башың сындуу көрүнөт, Кара бара бөрк менен* (Барпы).

**БАРА III** Бөлүк. *Көргөн көздүн карасы. Жүрөгүмдүн барасы* («Сейтек»).

**БАРА IV** *туурасы:* **пара.**

**БАРА-БАРА** Акырындык менен, улам барган сайын. *Бара-бара баягы Жылдызкандын уяңдыгы жоголуп, такылдап сүйлөй турган болду* (Байтемиров). *Бара-бара үйлөр көбөйүп, шаарга айланат* (Бөкөнбаев).

**БАРААН** 1. Караан, көлөмдүү көрүнүштүн сөлөкөтү, элес. *Канчалык узаган сайын машинанын барааны кичирээт* (Касымбеков). 2. Медер, арка-жөлөк. *Добул тийсе, жел тийсе, Каз айланбас зоо болгун, Бараан болгун, бел болгун* («Сейтек»).

**БАРААНДУУ** Көрүнүктүү, келбеттүү, чоң. *Ракым Оторовичтин турган турпаты кан-*

*дай бараандуу болсо, мүнөзү да ошондой салмактуу жана басмырт* («Ала-Тоо»).

**БАРААТ** 1.Чыгаан, бардык жагынан өөдө турган. 2. Барып турган чечен, билгич. *Бир мүнөз «сынчы» деген билим болгон, Байкаса бир аспаптуу илим болгон. Бул мүнөз барааттуу жандан чыккан, Сынчы деп бул адамга атак конгон* (Тоголок Молдо).

**БАРАБАН** 1. Эки жагы тең жаргак менен капталган, цилиндр сыяктуу ичи көңдөй,уруп ойноочу музыкалык аспап. *Алымкулдар эшиктин алдына келгенде, барабан кагылып, пионердик салтанаттуу марш ойнолду* (Жангазиев). 2. *тех.* Ар түрдүү машиналардын жана механизмдердин цилиндр формасындагы деталы.

**БАРАБАНЧЫ** Барабан кагуучу. *Барабанчы барабан ойнойт* (Сыдыкбеков).

**БАРАБАР** Тендеш, бирдей, тең. *Аял-эркек барабар Болгон элди карачы.* (Токтогул). *Мен дагы сага барабар, Тең келүүчү эрмин деп* («Курманбек»).

**БАРАБАРДЫК** 1. Тендештик, бирдей салмактуулук. 2. *мат.* Эки бөлүктөн турган өз ара бири-бири менен тендеш болгон алгебралык формула.

**БАРАЙЫЗ** Мусулман дининин милдеттери тууралуу жазылган китептин аталышы. *Барайыздан бата окуп, Бачымыраак жат окуп* («Манас»).

**БАРАК I** Дептердин, китептин ж.б. бөлөк-бөлөк тилкеси. *Китепти ортолоп келгенде баракты ачып алса, Динардын көзүнө бир сүрөт укмуштуу болуп көрүндү* (Сыдыкбеков).

**БАРАК II** Сапсайган узун жүндүү, сапсагай. *Илгери барак эл болот дечү эле, Тула бою түк баскан* (Токтогул). *Барак жүндүү дөбөттөр күрпөң жортот* (Айтматов).

**БАРАК III** Убактылуу жашай туруу үчүн жеңил-желпи салынган үй. *Бaрактын сууктугу эшиктикинен кем эмес* (Сасыкбаев). *Бaрактардын ар бир бөлмөсүндө элүүалтымыштан киши жатат* (Абдукаримов).

**БАРАК-БАРАК** Катуу кайнагандыкты билдирүүдө колдонулат. *Барак-барак кайнаган эт.*

**БАРАКАТ (балакат)** Бойго жетүү. *Баракат жашы жетти деп, Балакеттерден азгыра.* («Эл адабияты»).

**БАРАКАТ** *сейр.* Жай, шашылбаган тынч абал, жайбаракаттык. *Үйүндө ыракаты жоктун талаада кош баракаты бар* (макал).

**БАРАКЕЛДЕ** Кубаттоо, мактоо маанисинде колдонулат. *Баракелде, техниканын күчүнө!* (Сасыкбаев). *Баракелде, кырк жигит, Маашыр болдум эрдикке* («Эр Төштүк»).‖ Кекээрлеп какшыктоодо колдонулат. *Калпыңа баракелде! Жок шумдукту табасың!* (Сыдыкбеков).

**БАРАКЕЛДИ** *туурасы:* **баракелде.**

**БАРАКТА I** Китептин, дептердин барагын, бетин ачуу. *Китептерди жай барактап, жай коюп, Жазып жатат, жазып жатат, жадабайт* (Токомбаев). *Динар сүрөт издеген кишиче тез-тез барактады* (Сыдыкбеков).

**БАРАКТА II** Баркылдап кайноо. *Албетте, чайнекте суу бөксө болсо, отко койгондо, ал барактап абдан катуу кайнайт* (Убукеев).

**БАРАКТОО баракта** этишинин кыймыл атоочу. *Казандагы эт буркан-шаркан түшүп барактоодо.*

**БАРАКЧА** 1. Кичинекей барак. *Баракча кагазды колуна жаза кармап Сеитова алдыга өттү* (Сыдыкбеков). 2. Басмага басылган же кол жазма түрүндөгү көбүнчө өз учурунун жетилген саясий маселелерине арналган барак. *Марфа кайсы бир учурларда бетинде басма жазуусу бар баракчаларды Ашырга жашырып берип туруучу* (Сасыкбаев). *Андрей баракчалар таңгагын ортого таштады* (Сасыкбаев).

**БАРАЛ** 1. Бойго жетип, күчү толуп турган мезгил, жетилип, толукшуп турган учур, эр жеткен кемел. *Барамын мекенимди коргоо үчүн, Баралым толуп турган, колдо күчүм* (Нуркамал). *Окуунун кенчин ача бер, Келди мына баралың* (Токобаев). *Сен анда баралыңа жетип, толуп турган күчтүү аялсың* (Айтматов). 2. Курак, белгилүү бир жаш мезгили, кемел. *Кенжебиз ушул Алымбек, Баралы быйыл он жашта* (Токобаев).

**БАРАЛЫҢА ЖЕТПЕГИР!** Жашабагыр, узабагыр деген маанидеги каргыш. – *Оо, баралыңа жетпегир! Убалы уктатпасын ушу наристенин* (Өмүрбаев).

**БАРАҢ I** Милте менен от алдырып атылуучу эски кара мылтыктардын бир түрү. *Айныбас мылтык ак бараң.* («Манас» С.О.). *Маңдайында бараң бар* («Манас» С.К.). *Арта салып бир ташка, Бараңды турду бележдеп* («Манас»). *Асынган бараң мылтыктуу, Адам келди өргөөгө* («Эл адабияты»).

**БАРАҢ II** Пахтадан жасалган кездеме. *Бараңдан калган көк чепкен* (фольк.).

**БАРАҢ III: ирең-бараң** (кош сөздүн экинчи түгөйү) Таңдын атышы.

**БАРАНДА (паранда)** Канаттуу жанжаныбарлар. Эпосто көбүнчө илбээсин, суу куштары, же майда канаттуулар маанисинде жолугат. *Баранды бар, чаранды* («Манас» С.О.).

**БАРАНЖЫ** *туурасы:* **паранжы.** Бүркөнчүк, аялдардын жүз жапкычы. *Жаным бир азил ак тамак, Паранжиңдин жеңине* (Эл ырлары).

**БАРАР ЖЕР, БАСАР ТООСУ ЖОК** Үмүт кылар, бел байлар, ишенер эч нерсе жок. *Канчалык ойлонсом да жолум туюк... Барар жер, басар тоом жок, менин көзүмө эч нерсе көрүнбөйт* (Жантөшев). – *Кагылайын Батийна, өзүм алсыз элем, барар жер, басар*

*тоо жок, айлам кетип турат, маа капа болбо, садага?* (Сыдыкбеков). **В.: Барар жер, батар ийин жок.** – *Ненин акылы. Барар жер, батар ийин жок калды го, менде* (Бейшеналиев). *Барар жерим, батар ийиним жок (* «Ала-Тоо»).

**БАРАСАТ** Зээндүүлүк, токтоолук. *Мурдатан ишке урунбай. Акыры болбо арасат. Адебиңди бек сактап, Кылсаң болот парасат* (Барпы). *Баам, барасаты жок кишинин кылаары ошо да* (Өмүрбаев).

**БАРАТТУУ** Билерман, сынчы. *Бул мүнөз бараттуу жандап чыккан, Сынын деп бул адамга атак конгон* (Тоголок Молдо).

**БАРБАГАЙ** Барбайып турган, колдойгон. *Жүргүлө шахтага! – деди Калый барбагай мурдун дердеңдетип* (Сасыкбаев). *Иванов барбагай колу менен кара кер быштынын омуроосун каккылап кобурады* (Сасыкбаев).

**БАРБАГАН ЖЕР, БАСПАГАН ТООСУ ЖОК** Көп жерди кыдырган, көп жерге барган. *Анын барбаган жери, баспаган тоосу жок. Барбаган жерим, баспаган тоом калган жок, Эч дарек билинбейт* (Жантөшев).

**БАРБАДИГЕР** *туурасы:* **парбадигер.**

**БАРБАЙ** Көбүңкү, дардайган, колдойгон көрүнүштө болуу. *Кадырдын кең таноосу барбайып турат* (Сасыкбаев). *Дмитрий барбайган шадылары менен мурутун жанып-жанып алды* (Сыдыкбеков).

**БАРБАЙТ барбай** этишинин аркылуу мамилеси. *Медведев мактангандай таноолорун барбайтып, муруттарын сылап койду* (Жантөшев).

**БАРБАЙЫҢКЫ** Бир аз барбайган, анчамынча көбүңкү. *Барбайыңкы тарткан мурду бар.*

**БАРБАК** Барбайган.*Калыйдын барбак мурду былкылдап, тили буулуп калды* (Сасыкбаев).

**БАРБАКТА** Бапырандоо, барбаландоо, дардаландоо. *Абайлабай барбактап, Кокус болгон экенмин* («Сейтек»). *Көп алдында барбактап; Султан болуп калыпсыз!* («Сейтек»).

**БАРБАКТАТ барбакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРБАКТОО барбакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРБАЛАК-БАРБАЛАК барбалаң** менен бирдей. *Барбалак-барбалак этүү.*

**БАРБАЛАКТА барбалаңда** менен бирдей. *Барса, баргандын баарын барбалактап конок кылат* (Байтемиров). *Калыбек кирсиз барбалактап сүйлөдү* (Каимов). *Бөлөк барбалактап ат чыгарууга кириши* (Убукеев).

**БАРБАЛАҢ** Калдаластап-калдалактаган кыймыл-аракетти, бапырандаган, ачык-айрым мүнөз. *Барбалаң-барбалаң этүү.*

**БАРБАЛАҢДА** Барбактоо, барбалаң-барбалаң этүү. *Үйүнө барсаң барбалаңдап жаналы калбайт.*

**БАРБАЛАҢДАТ барбалаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРБАЛАҢДАШ барбалаңда** этишинин кош мамилеси.

**БАРБАЛАҢДОО барбалаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРБАНА, парвана** 1. Көпөлөк, жетим көпөлөк. *өт.* 2. Көлөкө, калканчы, күйөрү, жаны ачыры; кээде жөлөк, таяныч маанилеринде да айтыла берет. *Барбана болду башына* («Манас» С.О.).

**БАРБАҢ барбак** менен бирдей. *Барбаң-барбаң этүү.*

**БАРБАҢДА барбакта** менен бирдей. *Бала Сейтек барбаңдап Аң издөөгө чыкты эле* («Сейтек»).

**БАРБАРИС** Сары жыгач, бөрү карагат.

**БАРБЕРЕКЕТ** Жыргалын көр, берекеси болсун. – *Барберекет! деп кол алышып, сооданы бүтүрдү.* «Бар береке тап!» болуп, да тилге ылайыкташып айтыла берет.

**БАРГАНЫҢДАН КЕЛБЕГИР** «Узабагыр», «ошондон ары өлүп жоголгур» деген сыяктуу каргоо маанисинде колдонулат.

**БАРГЕК I** 1. Аялдардын чачына тагылуучу же чекесине тартып кийүүчү алтын, күмүштөн ж. б. жасалган кооздук жасалга. *Алтындан баргек сөйкөнү Асемдеп сага тагайын* (Жантөшев). 2. *өт.* Медерим, бар байлыгым, сөөлөт берээрим деген мааниде колдонулат. *Жылкыга кеткен ал Сейтек Маңдайымда баргегим, Жалгыз туума айнегим* («Сейтек»). *Маңдайда баргек тынарым, Бар күйүп кетип ичимден, Балам Манас, байкачы, Мен дагы журтумду ойлоп турамын* («Манас»).

**БАРГЕК II** *диал.* Сөөгү алынып ташталып кургатылган өрүк.

**БАРГЕКТЕ** Баргек менен жасалгалоо, кооздоо. *Баласынын башына Баргектеп үкү тагыптыр* («Манас»).

**БАРГЕКТҮҮ** Баргектеп кооздолгон. *Алаканы айнектүү, Бүлдүргөсү баргектүү* («Манас»).

**БАРГЫЗ бар** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРГЫТ** Уюлгутуу, куюндатуу, бурулдатуу. *Алгарасын аргытып, Жолдун чаңын баргытып* («Манас»). *Тайбуурулду каргытып, Ооздон көбүк баргытып* («Семетей»).

**БАРД** Өзүнүн ырларын аткаруучу, акын жана музыкант.

**БАРДА** Көздү чоң-чоң ачып-жумуу, кирпикти бекем-бекем ирмеп алуу. *Бака тостоңдото көзүн бардап-бардап ачып жумуп тамашага чалгысы келди* (Бейшеналиев).

**БАРДАК** Башаламан, иретсиз, чаржайыт.

**БАРДАМ** Алдуу, кубаттуу, күчтүү. *Кээ бирөөнүн малы көп. Бардам кылдың, дүнүйө* (Барпы).

**БАРДАМДЫК** *диал.* Жетишкендик, колдо болгондук, барчылык.

**БАРДАМЧЫЛЫК** **Бардамдык** менен бирдей.

**БАРДАН** *диал.* Табарсык. *Эр барданы бек болсун, ат барданы бош болсун* (макал).

**БАРДАҢКЕ** Бир атаар мылтык. *Бир жүз сексен бардаңке, Ыбырайым басканы* («Эл адабияты»). *Машалуу мылтык болсо да Бардаңкеден бат атып* («Эл адабияты»).

**БАРДАР** Оокат-тиричиликтүү, мал-мүлктүү, колунда бар. *Бардарлардын балдарындай айыл арасына чуу салып ойноп жүргөн бир да бала жок* (Жантөшев).

**БАРДАРСЫН** Өзүн колунда бар, оокаттиричиликтүү катарында көрсөтүүгө аракет кылуу. *– Эмне ичесиң? – деди Аргынбай, ашканага киргенде бардарсынып*(«Чалкан»).

**БАРДАШ** *диал.* 1. Күч-кубат, дем, кайрат. *Бардашы журттан бөлөкчө.* 2. Токтомдуулук, сабырдуулук. *Бардаш кылуу. Бардаш жок болсо жигитте Пайдасыз тиричиликте* («Эл адабияты»). *Бардаш кыл, азап тартпасын, Баланы, балам, бизге бер* («Эл адабияты»).

**БАРДАШТУУ** *диал.* 1. Күч-кубаттуу, чыдамдуу, кайраттуу. *Бардаштуу жигит.* 2. Токтоо, сабырдуу. *Бардаштуу болуу.*

**БАРДЕҢКЕ** **Бардаңке** менен бирдей.

**БАРДИГЕР** Бүткүл, болгонунча, баары, бардык, бүт, бар болгону. *Бардигер күчүн салганда, Баланы тартып алганда* («Манас»).

**БАРДЫГЕР** **бардигер** менен бирдей. *Берди бардыгер үнү менен бакырды* (Жантөшев). *Эки үйга үйүмү, бардыгер мүлкүмү жүктөп сага көчүп келдим* (Жантөшев).

**БАРДЫГЫ** Бүт, баары, бар болгону, чогуусу менен алганда. *Бардыгы чогулушту. Бардыгы 150 сом болду.*

**БАРДЫГЫНЧА** Болгонунча, болушунча. *Татыбек үнүнүн бардыгынча бакырат* (Байтемиров).

**БАРДЫК I** Бүт, бүткүл. *Анда биздин кең өлкөнүн бардык булуң-бурчунан пионерлер келишкен* (Сыдыкбеков). Бардык *участоктордо мурдагыдан бетер жумуш кызыды* (Сасыкбаев).

**БАРДЫК II** Зоруга чарчоо, катуу жүрүштөн кыйналып демигүү, зоругуу. *Минген аты бардыккан.*

**БАРДЫКТЫР** **бардык** этишинин аркылуу мамилеси. *Өмүр атын бардыктыра келип токтой калды* (Жантөшев).

**БАРЕЛЬЕФ** Жалпак нерсенин бетине бир аз дөмпөгүрөөк кылып түшүрүлгөн скульптуралык сүрөт. *Пржевальскийдин эстелигине Академиянын медалы менен саякатчынын портретинин барельефи да түшүрүлгөн* («Жаш ленинчи»).

**БАРЖА** Башка бир кеме сүйрөп жүрүүчү же өзү жүрүүчү жүк ташый турган чоң кеме. *Жалгыз гана түтүнүн көккө буркүп баржа сүйрөгөн кеме чыгыштан батыш тарапка баратат* («Жаш ленинчи»).

**БАРЖАГАЙ** Барпагай, бартагай, эткел. *Жолборс жоон-жолпусунан келген, буттары баржагай кадимки кур дөбөт* (Каимов).

**БАРЖАЙ** Барпаюу, жоон, эткел тартуу. *Базарбектин кучтүү колдору эпсиз баржайып турат* (Каимов).

**БАРЖАКТА** 1. Көбүрүп-жабыруу, көбүктөнүү. *Баржактап көбүргөн бозо.* 2. Куунак, көңүлдүү жүрүү.

**БАРЖАКТОО** **баржакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРЖАҢДА** Көңүлдүү, куунак, жагалданган абалда болуу, баржактоо. *Баржаңдап сүйлөө.*

**БАРИЙ** Күмүш түстүү жумшак металл, химиялык элемент.

**БАРИК** Жалбырак-бүчүрлөрү ичке майда бутактар, майда бутактары менен бирге тургандагы жалбырак-бүчүрлөр. *Алтындан барик чынарга* («Манас» С. О.). *Биз тыттын бариктерин улам-улам жаңылап салып багуу менен курттардын тез чоңоюшуна жетиштик* («Кыргызстан аялдары»). *Сыдырым желдин эпкинине бадал- дардын бариктери да жандана түшкөн-сүйт* («АлаТоо»),

**БАРИКТҮҮ** *диал.* Жалбырак-бүчүрлүү, бариги калың. *Бариктүү дарак.*

**БАРИН** 1. Падышалык Россия тушундагы дворянин, помещик. ‖ Революцияга чейинки Россиядагы коомдун жогорку катмарында турган адам (чиновник, аристократ). 2. *өт.* Жумуштан качкан, өзүнө тиешелүү жумушту башка бирөөгө жүктөй салууга тырышкан адам.

**БАРИТОН** 1. Бийиктиги жагынан бас менен тенордун ортосундагы эркектин жоон, салмактуу үнү ‖ Ушундай үнү бар ырчы. 2. Трубадан бир октава төмөн үн чыгаруучу үйлөмө жез инструмент.

**БАРК I** Белгилүү болуп турган өзгөчөлүк, айырма, баалуулугу жагынан болгон айырмачылык, кадыр-барк. *Биздин элдин наркы бар, Билсең сөздүн баркы бар* («Семетей»). *Жакшы менен жамандын Арасында баркы бар* (Осмонов). *Айганыш жөнөкөйлүгү, билгичтиги менен, адамгерчилиги менен бат эле баркка ээ болгон* (Байтемиров). *Ырыстуу кыргыз элимде Таалайым бар, баркым бар* (Токтогул).

**БАРК II** 1. Кыска-кыска, катуу чыккан жоон үндү, дабышты билдирүүдө колдонулат. *Табылды ылдам жүрү деп, Элдияр үнү барк этет* («Эр Табылды»). *Беккулу кана? – деп барк этти* (Элебаев). 2. Баракташ, баркылдап кайноону билдирүүдө колдонулат. *Барк-барк кайнаган эт.*

**БАРКАС** 1. Көп калактуу чоң кайык.

2. Порттук жардамчы кичине кеме.

**БАРКЕЧ** Күйөөлөп баргандагы кыздын үйүнө берилген белек-бечкек.

**БАРКСЫЗ** Кадыры жок, баркы жок, барктуу эмес. *Башкарбасаң аларды, Барксыз болуп күйөсүң* (Токомбаев).

**БАРКТА** Сыйлоо, кадырлоо, урматтоо. *Мен барктайм, бирок ким түшүнөт менин сөзүмдүн баркын?* (Шүкүрбеков).

**БАРКТАЛ** **баркта** этишинин туюк мамилеси. *Баатырлар чыгып малчыдан, Бархталып элде ырдалды* (Осмонкул).

**БАРКТАШ** **баркта** этишинин кош мамилеси.

**БАРКТОО** **баркта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРКТУУ** Баркы бар, сыйга татыктуу, кадырлуу, урматтуу. *Андай барктуу киши болорумду менин кайсы белгимден көрдү? – дейт өзүнчө Батийна* (Сыдыкбеков).

**БАРКУТ** *туурасы:* **баркыт.**

**БАРКЫЛДА** 1. Барк-барк этип, катуу үн чыгарып сүйлөө. *Ээй, балам, баркылдап үнүң чыкканда Мен Бакай шордуунун Башкача көөнү бөлүнөт* («Сейтек»). 2. Барк-барк этип кайноо, бараактоо. *Баркылдап көбүк бүркүп, экиленип, Шарактап кайнап турат кара кумган* (Бөкөнбаев).

**БАРКЫЛДАК** Бакылдак, баркылдап сүйлөгөн.

**БАРКЫЛДАТ** **баркылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРКЫЛДОО** **баркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРКЫРА** Бар-бар эткен катуу үн чыгаруу (мис. ыйлаганда), барылдаган дабыш чыгаруу (мис. сигнал бергенде). *Бар-бар этип бала ыйлайт, Баркырап бала бек ыйлайт* («Манас»). *Баркырап паровоздор үн салышат* (Бөкөнбаев).

**БАРКЫРАК** Баркыраган дабыш, барылдаган кыйкырык.

**БАРКЫРАТ** **баркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРКЫРОО** **баркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРКЫТ** Өң жагы тыгыз түктүү, жумшак кездеме. *Бутундагы булгаары өтүк, чий баркыттан күрмө, шым жана кызыл баркыт тышталган кара көрпө тебетей да анын тегин жерден чыкпагандыгын айгинелеп турбайбы?* (Каимов).

**БАРЛЫК** *туурасы:* **бардык.**

**БАРМАГЫ МЕНЕН МАЛ ТАПКАН** Өнөрлүү, өтө чебер, колунан бардык иш келген, абдан устат. *Балкасы менен зар чапкан, Бармагы менен мал тапкан* (Тоголок Молдо). **В.: Бармагынан бал тамган.** *Өтөгөн деген өз өнөрү менен, өз мээнети менен бармагынан бал тамган, өрөөнгө белгилүү багбан* (Абакиров).

**БАРМАГЫН ТИШТӨӨ** Иштин онунан чыкпаганына, өтүп кеткен ишке, өкүттө калуу, өкүнүү, арман кылуу. *– Кеп бул жакта турбайбы,– деп Мамбеткул бармагын тиштеди. Тирүүсүндө сыйлап жүрө албагандыгына өкүнүп, ошондо бармагын тиштеди* (Абдукаимов). *Барпы жаштыгын, аял ала электигин эстеп бармагын тиштеди* (Байтемиров). **В.: Бармагын кесе тиштөө.** *Бармагын кесе тиштеп, тим болбоско арга жок* (Осмоналиев).

**БАРМАК** Колу-буттун беш манжасынын башкысы, биринчиси. *Тамара сол колунун бармак, сөөмөй, ортон – үчөөнү алмак-салмак ачып-жуумп убара* (Бейшеналиев).‖ Беш манжа. *Комузду күүгө келтирген Аты жок, ортон бармагың* (Токтогул). *Бугимов арык бармактары менен чачын серпкиледи* (Сасыкбаев). *Эпке көнбөй калтаңдап, Карандашты бек кармап, Тайтаң-туйтаң, буйталап, Жазып жатат беш бармак* (Бөкөнбаев).

**БАРМАК БАСТЫ КӨЗ КЫСТЫ** Башкаларга билгизбей, астыртан, тымызын бүтүрө салмай амал, амалкөйлүк деген мааниде айтылат. *Ташкенден келген өкүл Кызылбаш менен «бармак басты көз кысты» кылганын эл да укту* (Каимов). *Көп учурда «бармак басты, көз кысты» кылышып акы төлөшпөй малайларын айдап жиберишкен куулар четтен чыгат* («Ала-Тоо»). *Бармак басты, көз кыстылар жоюлуп, Эмгектенген колхозчуга берилсин* (Осмонкул).

**БАРМАК БАСЫМ** Бармактын ордундай, кичинекей, кенедей. *Бармак басым жери көгөрүп калыптыр. Оң далынын үстүнөн бармак басым жери ооруп турганын айтты* («Ала-Тоо»).

**БАРМАК ТИШТӨӨ** *аңч.* Жаш аңчынын бата алуу ырымы.

**БАРМАК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб.* Ыр түзүлүшү боюнча түрк элдериндеги термин, муун өлчөмү, силлабикалык деген түшүнүккө дал келет.

**БАРМАККА БАСЫП, ТЫРМАККА КЫСЫП** Кысынып, эптештирип, абдан үнөмдөп (оокат кылуу, жашоо ж.б.). *Ал кездин эмнесин айтасың? Бармакка басып, тырмакка кысып эптеп күн өткөрүп келдик* («Ала-Тоо»). *Бармакка басып, тырмакка кысып биздин тырмалап жыйнаганыбыз ушул, балам, таарынба – деп энеси кичинекей бетаачыга түйүлгөн немени уулуна берди* («Ленинчил жаш»).

**БАРМАКТАЙ** 1. Кичинекей, көлөмү жагынан кичине (чоң нерсеге салыштырмалуу). *Бармактай балдар, көрдүңөр, Кат жазып, окуп турганды* (Осмонкул). 2. Бадырайган, чоң, барсайган (кичине нерсеге салыштырмалуу). *Бармактай акак. Бармактай дан.*

**БАРМАКТАЙДА** Кичине кезде, жаш кезде, бойго жете электе. *Бармактайдан*

*баш кошкон элине көчүп келатат* («Сейтек»).

**БАРМАКТАЙДАН** Кичинеден, кичине кезден, жаш кезден. *Кайрат экөөбүз бармактайдан коюндаш доспуз* (Бейшеналиев).

**БАРМАН** *эск.* Буйрук, жарлык. *Бай барман менен, жок дарман менен* (Фольк.). *Байдын иши барман менен, кедейдин иши арман менен* (макал).

**БАРМЕН** 1. Бардын башкаруучусу же кожоюну. 2. Барда суусундук саткан адам.

**БАРОГРАФ** Атмосфералык басымдын өзгөрүшүн регистрациялап, өзү жазып туруучу прибор.

**БАРОКАМЕРА** Адамдын организмине бийиктиктин тийгизген таасирин изилдөө үчүн жана авиациялык приборлорду сыноодо колдонулуучу төмөнкү басымдагы камера.

**БАРОККО** 16–18-кылымдарда искусстводогу санжыргалуу декорацияларга ашкере умтулган көркөм стиль.

**БАРОМЕТР** Атмосферанын басымын өлчөөчү прибор.

**БАРОН** Графтан төмөн турган дворяндык титул жана ушул наамдагы адам.

**БАРОНЕССА** Барондун аялы же кызы.

**БАРПАГАЙ** Барпайган, бапайган.

**БАРПАЙ** Топтолушкан түрдө жан-жакка жайылып, чачырап туруу, көбүңкү көрүнүштө болуу, бапаюу. *Гүлдөр бүчүр ачып, барпайып чыга келди.*

**БАРПАЙТ барпай** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРПАКТА** 1. Балпалактап үксөңдөгөн кебетеде болуу. *Бир кара дөбөт ыргыткан ташты барпактап, кууп кетет да кайра келет* (Элебаев). 2. Карбаластап-калдастаган жайдары мүнөздө болуу, барпактоо, берешен болуу. *Барпактап колунда болгонун аянбоо.*

**БАРПАЛАКТА** Бапырандоо. *Уулунун барпалактап турган кези экен* (Байтемиров).

**БАРПАЛАНДА барпалакта** менен бирдей.

**БАРПАҢ-БАРПАҢ** Балпалактаган кыймыл-аракетти, бапырандаган көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Барпаң-барпаң кыймылдоо. Барпаң-барпаң басуу.*

**БАРПАНДА** Барпаң-барпаң эткен кыймыл-аракетте болуу, бапырандоо. *Барпаңдап жайдары мүнөздө тосуп алуу.*

**БАРПАҢДАТ барпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРПЫ I** Чөптүн бир түрү. *Басканы барпы чөп экен* (фольклор).

**БАРПЫ II: сары барпы** Токойдо жашоочу, боору сары, тумшугу узун, кызгылт канаттуу. *Күнгөйлүү жерден сары барпылар сайраган болот* (Сыдыкбеков).

**БАРПЫ III** Кадырлуу деген мааниде. *Бактылуу барпы боруму* (Тоголок Молдо).

**БАРПЫЙ барпай** менен бирдей. *Барпыйып ачылган гүл.*

**БАРПЫЛДА** Барп-барп этүү, бапылдоо. *Барпылдаган кернейдин Алты жүзү тартылып* («Манас»).

**БАРПЫЛДАТ барпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРПЫРОО барпыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРРЕЛЬ** Ар кандай өлкөлөрдө суюк заттарды өлчөө бирдиги. Болжол менен 115-ден 164 литрге чейин (мис. нефть баррели).

**БАРРИКАДА** Көчө согушунда атышууга ыңгайланып ар турдүү нерселерден үйүлүп жасалган тосмо.

**БАРС I** 1. Мышык түркүмүнө кирүүчү илбирске окшош ири жырткыч айбан. *Барс, илбирс, бакма малга көп тийбейт* («Айыл чарба»). – *Жолборс, барс да аткандырсың Куке,* (Абакиров). 2. Жыл эсеби боюнча үчүнчү жылдын аты.

**БАРС II** Солкулдак өсүмдүк чарт сынганда же толуп турган нерсе жарылганда тарс деп чыккан үнгө окшош дабышты билдирүүдө колдонулат. *Аскар билектей ышкынды ортосунан барс сындырып алды* (Сыдыкбеков). *Отко бышырылып жаткан жүгөрүнүн даны барс-барс жарылып жатты. Барс-барс эткен кайдан чыккан дабыш?*

**БАРСА КЕЛБЕС** Барыш-келиши өтө кыйын, татаал, жолу катаал. *Барса келбес жер.*

**БАРСАГАЙ** Барсайган, бадырайган. *Барсагай дан.*

**БАРСАЙ** Толуп көөп чыгуу, торсоюп бадырайып туруу, бартайган көрүнуштө болуу. *Тыттың баригине кана тойгон курттар барсайып-барсайып калыптыр* (Касымбеков).

**БАРСАЙТ барсай** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРСКАН** 1. Темир устанын өтө оор салмактагы балкасы. *Чокчо сакал барсканчы оор барскандын сабын таянып тура калып, Салмоорбекти эркелетти* (Сыдыкбеков). *Барскан тийген сайын дулдуйган темир кадимки камырдай болуп ийлене берет* (Байтемиров). 2. Чоюн башка жакын, бирок андан формасы жана оордугу жактан айырмаланган согуштук курал. *Барскандарын көтөргөн, Балбандарды эми көр.* («Манас» С.О.).

**БАРСКАНЧЫ** Барскан чабуучу. *Бул киши темир устанын барсканчысы Мурза экен* (Сасыкбаев). *Балкачынын миң урганы – барсканчынын бир урганы* (макал).

**БАРСЫЛДА** Барс-барс эткен дабыш чыгуу. *Кууреган жүгөрү тынымсыз барсылдап жатты.*

**БАРСЫЛДАК** 1. Барс эткен, барсылдаган дабыш, үстү-үстүнө барсылдаган, күрсүлдөгөн дабыш. *Кулак тунган барсылдак Тынчыбастан урүштук* (Каралаев). 2. Барсайып, ыйлаактанып чыгуучу жарасы бар

оору. *Кулапса менен барсылдак Күйгүзүп неге чыкпады* (Жантөшев).

**БАРСЫЛДАТ барсылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Барсылдатып камчылап, Басмачы урса алсырап* (Тоголок Молдо).

**БАРСЫЛДОО барсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРТ** Морт нерсенин сынганынан, кекиргенден, бир нерсени чайноодон чыккан сыяктуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Бадыраңды барт-барт чайнашты* (Сасыкбаев). *Барт кекирип коюшуп, Акман, Дмитрий да ичкен* (Сыдыкбеков). ‖ Коңур же жоон үндө кыска-кыска чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Токуш тигиге угуза барт-барт сүйлөдү* (Таштемиров).

**БАРТАЙ** Барсайып, жоон-жолпу көрүнүштө болуу. *Колу-буту бартайып турат.*

**БАРТАЙТ бартай** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРТАЮУ бартай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРТЕР** *экон.* Затты, товарды же малды акчасыз алмаштыруу.

**БАРТОО** Кошуп берме. Соодалашууда сатып алуучуга кошумча бекер бериле турган товардын сапаты жагынан бир аз начар бөлүгү; сатылган нерсенин үстүнө кошумча кылып берилген сапатсыз товар.

**БАРТЫЙ бартай** менен бирдей. *Бартыйган жоон киши.*

**БАРТЫЛДА** Барт-барт этүү. *Ачка болгон аттардын оозунда аптыга сугунган тоо чөбү бартылдайт.* ‖ Кыска-кыска жоон үнү чыгуу. *– Коркпо садагаң! – Алда кимдин бартылдаган жоон үнү Динарга туура жактан угулду* (Сыдыкбеков)

**БАРТЫЛДАТ бартылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Койлордун бартылдата кепшегени болбосо, айлана жымжырт* (Убукеев).

**БАРТЫЛДОО бартылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРУУ бар III** этишинин кыймыл атоочу. *Убактым жок бир кайрылып барууга* (Осмонов).

**БАРХАН** Чөлдүү жерлердеги шамалдын таасиринен жылып жүрүүчү кум дөбөлөр.

**БАРЧ** Күңүрт туюк барт-барт чыккан дабышты, көбүнчө чыктуу нерселерди кырчакырча чайноодон, ургулап майдалап жанчуудан, бөлүүдөн чыккандагыдай дабышты билдирүүдө колдонулат. *Ашым үч сарымсакты бирдей тиштеп, барч-барч чайнады* (Сыдыкбеков).

**БАРЧА I** Алтын же күмүш менен эштелген калың жибек кездеме.

**БАРЧА II** *диал.* Бүт, бүткүл, бардык. *Сен ырдасаң, чогулат, Алыс-жакын – барчасы* (Барпы). *Мен сүйлөйүн канчаны, Казак, кыргыз барчаны* (Молдо Кылыч).

**БАРЧА III** Майда бөлүкчө, кичине-кичине бөлүнгөн бөлүк, бөлүнгөн айрым бөлүк. *Тизмени майда-майда барчаларга бөлүп жыртышты да, күйгүзүп жиберишти* (Абдукаримов).

**БАРЧА-БАРЧА** Барча-барч эткен, барчбарч же бырч-бырч эткен дабышты билдирүүдө колдонулат. *Барча-барча талкалоо. Барча-барча кыркып кирүү. Ажар этти курч бычак менен барча-барча кесип жатты* («Ала-Тоо»).

**БАРЧАЛА** Барча-барча кылып кесүү, майдалоо. *Этти барчалап кесүү.*

**БАРЧАЛАН барчала** этишинин өздүк мамилеси. *Барчаланган эт.*

**БАРЧАЛАТ барчала** этишинин аркылуу мамилеси. *Барчалатып бөлдүрүү.*

**БАРЧАЛОО барчала** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРЧЫЛДА** Барч-барч этүү.

**БАРЧЫЛДАТ барчылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Барчылдатып чайнаса, Чычырканак түтпөгөн* (Калык).

**БАРЧЫЛЫК** Оокаттуулук, байлык.

**БАРЧЫН I** Алты түлөк болгон бүркүт. *Барчын куш учуп өтө албай, Багынып канат талыткан.*

**БАРЧЫН II** *туурасы:* **баарчын.**

**БАРЩИНА** Крепостной укукта помещиктин пайдасы үчүн дыйкандардын аргасыздан акы албай иштеген эмгеги.

**БАРЫКТА** *туурасы:* **баркта.**

**БАРЫЛА** *туурасы:* **баарыла.**

**БАРЫЛДА** Орунсуз барк-барк этип сүйлөө, баркыраган дабыш чыгуу.

**БАРЫМТА** Жоолашкан тараптан тийип алынган мал, же доо үчүн кармалган мал, жан, буюм. *Барымтага бир кеткен Пайдасы жок бар малың* (Тоголок Молдо). *Азырынча төрт сом барымтага кармата турам* (Бейшеналиев). *Улуктар элге өчөшүп, карыяларды барымта катарында кармап жатышпайбы* (Абдукаримов).

**БАРЫМТАЛА** Барымта кылып алуу, барымтага кармоо. *Кылдан кыйкым чыгарып, коңшу урууну барымталап талаганды мырзалар оңой көрүшөт* (Касымбеков).

**БАРЫМТАЛАТ барымтала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАРЫМТАЛАШ** *тар.* Бири-бирине барымта кылуучу. *Жарды менен жоолаш болгончо, бай менен барымталаш бол* (макал).

**БАРЫМТАЛОО барымтала** этишинин кыймыл атоочу.

**БАРЫМТАЧЫ** Барымтага катышкан адам.

**БАРЫНАН ЖОГУ** Мындай болгондон көрө болбой койгону түзүк, тирүү жүргөнүнөн жүрбөгөнү, болбогону оң. *Кара башын калкалаган жатып ичерлердин барынан жогу* («Чалкан»).

**БАРЫП ТУРГАН** Жеткен, аябаган, абдан, кандайдыр бир сапаттын жеткен чегин

көрсөтүүдө колдонулат. *Барып турган куу. Барып турган жалкоо. Барып турган шалакы.*

**БАРЫШ I: барыш** жөндөмө – *грамм.* кыймыл-аракет белгилүү бир багытка, бирөөгө карата багытталгандыгын билдирүүчү жөндөмө. *Барыш жөндөмөдө турган сөз.*

**БАРЫШ II бар III** этишинин кош мамилеси. *Ал казанга барышам, Казан менен алышам* («Эр Төштүк»).

**БАРЬЕР** Тосмо, тоскоол.

**БАС I пас I** менен бирдей. *Элүүгө жашың чыкканда, Эгизден баска түшкөнүң* (Тоголок Молдо). *Бас чыккан сенин коңур үнүң угулду* («Ала-Тоо»).

**БАС II: бас келүү** Тең келүү, барабар келүү, тендеш болуу. *Барган менен абаке, Бас келе албас биздин шай* («Манас»). *Баралына келгенде Бас келе албайт эч балбаң* («Курманбек»).

**БАС III** 1. Эркектин коңур чыккан жоон үнү. Ушундай үнү бар ырчы. 2. Жоон үн чыгаруучу кылдуу же үйлөмө музыкалык аспап.

**БАС IV** 1. Бут шилтөө, адымдоо, арыштоо. *Токто, али тилиң чыксын, бутуң бассын* (Маликов). *Ой, Метрей чоң сакал, басcаңчы тез!* (Сыдыкбеков). 2. Каптоо, жайылып тароо. *Түн ортосунда тоо арасын булут басып, бир аздан кийин кар жаады* (Убукеев). ‖ Үстүн жаап алуу. *Сары талааны кар басты, Бош жүргөн малдын карды ачты* (Оомонкул). ‖ Калың чыгуу, көп болуп таралуу, капталуу. *Түн… Ай жарык, Кең Таластын Токой баскан талаасы* (Маликов). *Көйкөлгөн нурлар кубулжуп, Көк бетин жылдыз басканда* (Маликов). 3. Кол салуу же башка максаттарда дал үстүнөн чыгуу, камындырбай, мурдатан билгизбей, капысынан үстүнөн түшүү, баруу. *Бейкут жаткан көп элди Бир түнү келип басканы* (Жантөшев). *Капарсыз жаткан ордону, Коңурбай басып калганбы* («Семетей»). 4. Ныгыруу, үстүнөн ныктоо. *Тез суу кагаз басып сыяны ичирди* (Сыдыкбеков). *Комузду баскан сол колу Талыбаган Токтогул* (Барпы). Ныктай кысуу, ныктай коюу, таптай ныгыруу. *Ал оор улутунуп, күнгө күйгөн колун көөдөнүнө басат* (Бектенов). Тамга, из, так түшүрүү максатында бир нерсенин бетине беттештире ныктай кысуу. *Мөөр басуу. Штамп басуу Тамга басуу.* Басма продукцияларын чыгаруу. *Китеп басып чыгаруу.* 5. Тебелөө, тепсөө. *Беш-алты бала келиңер, Белимди басып бериңер* («Манас»). *Чыга калып чыныларды чачат, Жаздыктын үстүнөн басат* (Шүкүрбеков). Тебелетүү, тепсетүү, же машина аркылуу иштетүү жолу менен эгиндин кызылын бөлүп алуу. *Колхоздо күз жылда келчү бир майрам, Буудай оргон, кырман баскан кең сарай* (Осмонкул). *Көк куштай болуп калкылдап Комбайн басат эгинди* (Маликов). 6. Токтотуу. *Токто, бас үнүңдү* (Турусбеков). *Ызакул колун көтөрүп, дуу-дууну басты* (Бейшеналиев). Тынып калуу. *Ойдогу тилек туш болуп Эми бастым санаамды* («Курманбек»). Кандыруу. *Моокум бастым, көрүп туучан элимди* (Токомбаев). 7. Үстөм болуу, басымдуулук кылуу. *Чаргын бек-бек унчукту эле, коңгуроолуу бийик үнү башкаларды басып кетти* (Сыдыкбеков). 8. *өт.* Кабылуу, туш келүү, толуу, өкүм сүрүү, чөмүлүү. *Энени кубанычсезим турду басып* (Маликов). *Камыгып, кайгы басып убайым жеп, Ким тартты кара күндү сенден артык* (Элебаев). *Олтурду эчен түркүн кыял басып* (Маликов). 9. Катуу чабуу же кандайдыр бир башка кескин аракет жасоо. *Алоолонтуп аттарын Камчы басып жулкунтуп* («Курманбек»). *Мылтыгын көпкө шыкаалады да, баң дедире басып калды.* 10. Балапан чыгаруу аракетинде болуу *Жумуртка басуу. Уя басып уктаган Канаттуунун баары учту* (Бөкөнбаев). *Бүркүттөй уясында бала баскан* (Үмөталиев). 11. **баса** формасында *такт. м.* Айрыкча, бөтөнчө. *Жакшы жактары болсо баса белгилешмек* («Ленинчил жаш»). ‖ Көбүрөөк, оодугураак. *Чайды баса куюу. Дүкөндүн алдына суу баса себилгендиктен чаңдабайт* (Абдукаримов).

**БАС-БАС БОЛУУ** Токтолуу, тынчып, басылып калуу. *Ал иштин изи сууп, бас-бас болгонсуп калды.*

**БАС-БАС КЫЛУУ** Токтотуп, басып коюу, тынчытып, тыйып салуу. *Аны күчөтпөй бас-бас кылып койсо болчудай. Бирок, ак сакалы колун көтөрө жаңсап, аларды бас-бас кылды* (Касымбеков).

**БАС ЖААГЫҢДЫ** *к.* **жаагыңды бас.**

**БАСА** Эске түшө калган ойду, сөздү кошо кыстара кетүү, кошо баяндоо учурунда колдонулат. *Баса, Нурматты кайдан сүйө койду экен дедим да* (Жантөшев). *Баса, менин бир сөзүм калыптыр* (Каимов).

**БАСА-БАСА** Толтура. *Жанагыңдан баса-баса куйчу* (Абыкеев).

**БАСА ЖАТУУ** Бир жерде көбүрөөк болуп, конуп-түнөп калуу, узагыраак, көбүрөөк болуу. *Келген конок баса жатты.*

**БАСА КАЛУУ** 1. Өтө муктаж болгон, абдан керектүү нерсени көргөндө эт-бетинен кетүү, үзүлүп түшүү, башы менен кирип кетүү. *Ал дегениң дүкөндө турабы, азыр. Кырылышып, баса калып талап албайбы, турса* (Абакиров). *Өңгөчө аялдар баса калат базардан, таза болсо, дандуу, ири болсо, тим эле жерге тийгизбей талап кетет* (Абакиров). 2. Колдон келет кылуу, басмырлай берүү, өкүмдүгүн, зордугун көрсөтүү. *Дөөт балбан баштаган, каардуу Калпа ажынын жасоолдору бейкут жаткан айылдарды аралап, бейкүнөө бечараларды баса*

*калып, кыңк эткен бирөөң болбосун! Белиңер омурулат, – деп күпүлдөштү* (Бейшеналиев).

**БАСА КИЙҮҮ** 1. Баш кийимди кашына түшүрө кийүү. Дайыма үстүнөн түшүрбөй, такай кийүү. *Баса кийсең бат эле түшүп калат, кичине аясаң боло* («Ала-Тоо»).

**БАСА КӨКТӨӨ** Басындыруу, өкүм мамиле кылуу, тоотпой мамиле жасоо. *Татыбек чакырбаса деле баса көктөп бара бере турган* (Байтемиров). *Кален эки жолдошун баштап улук үстүнө баса көктөп кирип барды* («Кыргызстан маданияты»).

**БАСА КУЮУ** Толтурараак, көбүрөөк, көп-көптөн. *Чоңураак идишке баса куюп бер. Суусаган немени көзү ачыла түшсүн* («Ала-Тоо»). *Чайды баса куй.*

**БАСАГАН** Кылар иши жок ары-бери баскан адам.

**БАСАЖУП** Шыптагы устундарды бириктирүүчү туура чабактар; үйдүн төбөсүнүн жумуру чабактардан жасалгаланышы.

**БАСАЙ** Басандоо, азаюу, кичирейүү, төмөндөө. *Очокто үйүлүп турган таш көмүр эң күчтүү жарык чыгарат да, ошол замат кайра басая түшөт* (Абдукаримов).

**БАСАЙТ басай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСАЛАК** Тегирмендин ташы.

**БАСАЛГАЛУУ** Оор басырыктуу, токтоо, салмактуу. *Манастын уулу эр Семетей Басалгалуу эр немең* («Семетей»). *Басалгалуу сөз айтып, басып жүрдүң чыйырыңды* («Эл адабияты»).

**БАСАҢ** Пас, акырын, төмөн. – *Курбулар,– деди ал үнүн басаң чыгарып* (Абдумомунов).

**БАСАҢ** Тараза ташы, тендегич кадак. *Жара сүйлөп жалында, Тараза таштын басаңдай* (Жеңижок).

**БАСАНДА** Акырындоо, басаюу, басаңча тартуу. *Чырак бирде басаңдай түшүп, бирде өтө эле жарык болуп кетет* (Абдукаримов). *Күндүзү басаңдап шыбыргактаткан ак жаан төртүнчү суткада араң басылды* (Бейшеналиев).

**БАСАҢДАТ басаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Камалбек үнүн басаңдатып, бирок каарын сөзүнө чыгарып сүйлөдү* (Жантөшев).

**БАСАНДОО басаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСАҢЧА** Бир аз басандаган, мурдагыга караганда төмөндөгөн, азайган, басыңкы. *Ийни тыкан таңылганда оорусу бир аз басаңча тартты* («Ала-Тоо»).

**БАСАНЧА** *туурасы:* **басаңча.**

**БАСАҢЧАЛА** Мурдагыга караганда басаюу, акырындоо, төмөндөө, басанча тартуу, басандоо. *Эшикте шамал басаңчалап, айлана кандайдыр тынчтангансып турган* (Сасыкбаев). *Элдин уу-дуусу бир азга басаңчалады* (Сыдыкбеков).

**БАСАҢЧАЛАТ басаңчала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАСАҢЧАЛОО басаңчала** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСАРМАН** Басыгы, кадамы ишенимдүү, ылдам басуучу.

**БАСАЮУ басай** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСЕЛКЕ** Посылка; жиберүү, почта менен жиберилчү буюм. *Жайымча тынчып жатпадым, Калкоздун ишин аткардым, Баселке болуп баруугa Конвертке батпадым* (Эл ырлары).

**БАСКАК I** Жалпагыраак келген кайкы. *Баскак мурун кара жигит.*

**БАСКАК II** Алтын Ордо хандыгынын учурунда салык жыйноочу.

**БАСКАН ЖОЛУНА ТОПОН САЛУУ** Кедерги болуу, жолун тосуу, тоскоолдук кылуу. *Баскан жолума топон салган, аа, бооруңду гана жеген Алымбай* (Жоошпаев).

**БАСКАН ИЗИМ АРТЫМДА КАЛСЫН** Актыгын, күнөөлүү эмес экендигин ишендирүү, ынандыруу маанисинде каргануу иретинде колдонулат. *Эгер мен ушуну калп айткан болсом, баскан изим артымда калсын, аке, – деп бала безилдей баштады* («Ала-Тоо»).

**БАСКАН ИЗИН БЫЧАКТОО** Кастарын тигүү, абдан өчүгүп калуу, каршыгып артынан сая түшүү. *Баскан изин бычактап, Тегиз букар чогулуп, Жеңекемди ушактап* («Манас»). *Карачечекей хан агасынан айрылган Касымбек, Келдибек тукумунун баскан изин бычактап, Турдубай канкорду кунга жыгып, катуу жазалоого бар күчүн жумшайт* (Бейшеналиев). **В.: Баскан изин кетмендөө.** *Койчубектин баскан изин кетмендеп чаап таштаса болот* (Бейшеналиев). *Андай кер аяктардын баскан изин кетмендөө керек дейт* («Ала-Тоо»).

**БАСКАН ИЗИН ЧЕНӨӨ** Катуу куугунтукка алып андып калуу, артынан түшүү.

**БАСКАН ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ** к. Сары изине чөп салуу.

**БАСКАН ИЗИНЕ ЧӨП ЧЫКПОО** Жөн жүрбөй, жүргөн жерин бүлүнтүп, былгытып жиберүү, куулук-шумдугу ашынуу. – *Экинчи көзүм көрбөсүн сага окшогон жыпжылма азыткы түлкүнү! Сенин баскан изиңе чөп чыкпайт! Жогол, ушунчаңда!* (Бейшеналиев).

**БАСКЕТБОЛ** Атайын аянтчанын эки жак четине ар бир команданын тарабына орнотулган торго топту колу менен түшүрүп ойной турган спорттук оюн. *Эки жак болуп баскетбол ойноп жатышат* (Бейшеналиев). *Балдар спорттун футбол, волейбол, баскетбол, теннис жана башка толуп жаткан түрлөрүн үйрөнүшөт* («Кыргызстан пионери»).

**БАСКЕТБОЛЧУ** Баскетбол оюнунда ойноочу, спорттун ушул түрүнө шыктануучу.

**БАСКЫЛЫК** *аңч.* Эликтин жатагы.

**БАСКЫН** Баскынчы менен бирдей

**БАСКЫНЧЫ** Басып алуучу, каратып алуучу.

**БАСКЫЧ** 1. Өйдө басып чыгуучу жана басып түшүү үчүн жасалган тепкичтин бут коё турган жалпак таманы, улам биринен бири жогору болуп отурган катмары. *Турсун вагондуң, эң төмөнкү баскычына тура калып желегин көтөрдү* (Сасыкбаев). ‖ Баскычтуу тепкич. *Баскычтан түшүп келатып чал бизди алкап коё берди* (Элебаев). 2. Бири-биринен айырмалоочу даража, же бири-бирине удаалаш бөлүк. *Алып жүрүүчү ракетанын экинчи баскычы.*

**БАСКЫЧТОП** *комп.* Берилиштерди баскычтоп баскычтарын терүү менен компьютерге киргизилет.

**БАСКЫЧТУУ** Тепкич-тепкич болгон баскычтары бар.

**БАСМА I** 1. Өсүмдүк. 2. Ошол өсүмдүктөн алынган чачты боёчу боёк.

**БАСМА II** Тамак оорунун бир түрү.

**БАСМА III** 1. Хан сүрөтү түшүрүлгөн жука, кичине металл, XIII–XV кылымдарда монгол-татар хандарынын грамоталары. 2. Оймо-чиймелүү ичке металл табак.

**БАСМА IV** 1. Китепти басууга даярдоочу, басып чыгаруучу иштерин тейлөөчү мекеме. *Республикалык «Кыргызстан» басмасы. «Илим» басмасы. «Мектеп» басмасынан чыгарылган китептер. 2.* Басмакана тарабынан басып чыгаруу процесси. *Басмадан чыгуу. Басмага кабыл алынды. 3. сүйл.* Басмакана. *Чыгарып жатат басмадан Элибиз китеп, томдорун* (Осмонкул).

**БАСМА САЙМА** Сайманын бир түрү, адаттагыдай ийне жердиктин алдынан өткөрүлөт.

**БАСМА СӨЗ** басмадан чыгып туруучу китеп, журнал, газета ж. б. жалпы аты. *Шахтага басма сөз киоскасын ачтык* (Сасыкбаев).

**БАСМА ТАШ** *аңч.* Таш капкандын аңды басып калуучу үстүңкү ташы.

**БАСМАЙЫЛ** Токулган ээр-токумдун үстүнөн бастыра алып унаанын боорунан өйдө тартылып байлануучу кайыш, тасма. *Алым тору жоргону сарайдын алдынан чыгарып, басмайылын чыңдады* (Жантөшев). *Аттардын басмайылдары бошотулуп, отко коюлган* (Абдукаримов).

**БАСМАЙЫЛЫ ЧЕЧИЛҮҮ** Иши начарлоо, кедери кетүү, шайы кетүү. *Ишинин басмайылы чечилип калган.*

**БАСМАКАНА** Газета, журнал, китеп ж.б. басып чыгаруучу ишкана. *Республикалык басмакана. Басмакананын жумушчусу.*

**БАСМАРЛА** *туурасы:* **басмырла.**

**БАСМАЧЫ** *тар.* Орто Азияда Совет бийлигинин орнотулушуна жана анын чыңдалышына каршы чыгып, контрреволюциячыл кыймылга катышкан, колуна курал алып, элди талап-тоноо, өлтүрүү жолуна түшкөн адам. *Басмачылар ок жаадырып, Тоодон таштар кулатты* (Бөкөнбаев). *Аркамдан түштүң басмачы, Атаңдын өчү бар беле?* (Барпы).

**БАСМАЧЫЛЫК** Басмачылардын талап-тоноочулук иштери, талап-тоноп алуучулук.

**БАСМЫРЛА** Басынтуу, кемсинтүү, басындырып күчкө салуу, өкүмдүк кылуу. *Басмырлап кедей шордууну Бай менен манап жадатты* (Каралаев). *Басмырлап бир тогузга бизди жыгып, Бийлери бүтүм кылып мөөрүн урду* (Токомбаев).

**БАСМЫРЛАТ басмырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАСМЫРЛОО басмырла** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСМЫРТ** 1. Токтоо, салмактуу, оор басырыктуу. *Даниярдын унчукпас, басмырт мүнөзүндө кандайдыр бир терең маани бардай* (Айтматов). 2. Басыңкы, акырын, пас. *Кыздын үнү басмырт чыкты* (Сыдыкбеков). 3. Көңүлү басыңкы, чөгүңкү, көңүлсүз. *Шайдоот кыз күн өткөн сайын оор басмырт тартып, ойлуу боло баштады* (Каимов). *Эртеден бери муңайым болуп басмырт жүргөн Айганыш эле* (Сыдыкбеков).

**БАСМЫРТТА** Басынтуу, басмырлоо. *Басмырттап ыза кылуу.* ‖ Көңүлү чөгүү, жапа тартып жүдөө. *Басмырттап минтип жүргөнчө, өлүп калган жөн экен* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАСМЫРТТАТ басмыртта** этишинин аркылуу мамилеси. *Бир нерсеге берилүү, дайым ошол элестин соңунда жүрсө да, анын эмне экендигин ачык түшүнбөө кээ бир жаштарды басмырттатып жиберет* (Каимов).

**БАСМЫРТТОО басмыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАССА-ТУРСА** Дайыма, ар дайым, такай. *О, садага болоюндун үнү ай! ...Бассамтурсам да кадимкидей кулагыма угулуп турат* (Жантөшев). *Бассак-турсак да эске алып, жүрөк өйүдү.*

**БАССЕЙН** 1. Суу токтотуп жасалган көлмө, көлчө. *Болот куду балыктай сүзүп, бассейндин тигил же бул четине тез эле жетип барат* («Жаш ленинчи»). 2. Өзөндү куймалары менен бирге алгандагы территория, чоң өзөндүн алабы, көлдүн, деңиздин алабы. 3. Кен жаткан зор аймак.

**БАСТА** Басаңдоо, акырындоо, тартылуу. *Каткырган күлкүлөр бастай калганда жанагы киши сөзүн уланта түштү* («Ала-Тоо»). – *Эртең бороон бастаганда кет,– деди кемпир* (Элебаев).

**БАСТАН** Аты аталбаган белгисиз бирөөнү, бир нерсени билдирүүдө же «дейт-дейт», «имиш-имиш» сөздөр жөнүндө жалпылап айтууда колдонулат. *Баландын аты күлүк*

*деп, Бастандын аты күчтүү деп* («Манас»). *Кел, кетелик, Аткантаң, Балан-бастан дебестен* (Тоголок Молдо).

**БАСТАНЧА** Аты аталбаган белгисиз бирөөнү, бир нерсени билдирүүдө же ар кандай ачык-даана болбогон сөздөрдү жалпылап айтууда колдонулат. *Бастанчанын аялын окуган экен – эркек төрөптүр* (Жантөшев).

**БАСТАТ баста** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАСТАШ** Теңтайлашуу, өзүн тең, барабар, бир катарга коюуга аракет кылуу, эрегишүү. *Балтыр этиң толо элек, Басташар кезиң боло элек* («Сейтек»). *Кыз Сайкал, Манас касташып, Балакеттүү баатыр кыз Манас менен басташып* («Семетей»). *Бала күндөн басташып, Тийише жүргөн бул Коңур* («Манас»).

**БАСТАШУУ бастaш** этишинин кыймыл атоочу. *Кыздын үйүндөгү дөөнү сынаш үчүн аны менен басташуу керек* («Жомоктор»).

**БАСТЕК I** *диал.* Чайнек. *Ак бастекке чай демдеп, Алып келип бере жүр* («Эл адабияты»).

**БАСТЕК II** Кичине бойлуу, жапыз, жапалдаш. *Көзү жыртак, бою бастек сары киши* (Жантөшев).

**БАСТИОН** Крепосттук тосмолордун бурчтарына орнотулуучу формасы беш бурчтукка окшош согуштук чеп, кичирээк сепил.

**БАСТОО баста** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСТУРМА** Чоң-чоң тууралып, түрдүү өсүмдүктөр кошулуп, куурулуп жасалган эт, тамак.

**БАСТЫК пастык** менен бирдей. *Аттиң арман, жаштыгым! Оо, чоролор, бастыгың! (фольк.)*

**БАСТЫР** 1. **бас** этишинин аркылуу мамилеси. *Талпынган кезде сүйөөлөп, Тайтайлап өзүм бастырган* (Маликов). 2. Атчан жүрүү, унаа минип жүрү. *Акия жээрде кашканы алчактатып, Чаргынга тизе кагыштырып жанаша бастырды* (Сыдыкбеков).

**БАСТЫРМА** 1. Астына мал байлоочу же отун, майда-барат нерселерди коюучу бир тарабы ачык сере. *Бастырманын астында эки ат турат* (Жантөшев). *Андрей эрте туруп алып ууна чөп салып, бастырмасынын үстүндө жүргөн* (Байтемиров). 2. Бастырык. *Чөптү бастырма менен бастырды.*

**БАСТЫРУУ бастыр** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСТЫРЫК** Үйүлүп жүктөлгөн чөптү бастыруу үчүн колдонулуучу шыргый. *Бастырык салып бастырып таңуу.*

**БАСУУ бас** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСЫГЫ БУЗУК** Жүрүш-турушу начар, туругу жок, жеңил мүнөз, түзүк *эмес. Басыгы бузук киши. Басыгы бузук жигит.*

**БАСЫК** 1. Аттын же башка минилүүчү малдын баскан жүрүшү. *Жаныбар күлүк болбогону менен, басыгы шайтандай, алыскы жолго муңайбаган мал* (Каимов). *Карала өгүз каалгып көнгөн басыгынан танбады* (Бейшеналиев). ‖ Кадамдай баскан жүрүш. *Менин басыгыма салып, тепкичтер аркылуу жогору карай бут шилтей берди* (Мавлянов). 2. *өт.* Жүрүш-туруш. *Басыгы башкача боло баштады. Басыгынан бузулду.*

**БАСЫКСЫЗ** Басыгы начар, жүрүшү начар. *Басыксыз ат.*

**БАСЫКТУУ** Басыгы жакшы, басыгы тез. *Башын жулкуп идерет Басыктуу кара куланы* (Осмонкул).

**БАСЫЛ** 1. Кадыр-барк, абийир; сонундук, мыктылык. 2. Жакшылык, жумшак мамиле, ырайым. *Макулуктун баарысын, Басылында колдонгон* («Манас» С.О.).

**БАСЫЛ бас IV** этишинин туюк мамилеси. *Жаан басылып, күндүн арты ачыла баштады* (Жантөшев).

**БАСЫЛМА** Из, оттиск – көркөм графиканын толук бүткөн чыгармасы катары кабыл алынган гравюралык же литографиялык барак, сейрек – чыгарманы аткаруунун тиги же бул стадиясындагы из.

**БАСЫЛЫШ** Китептердин ж.б. басып чыгарылышы. *Китептин биринчи басылышы. Экинчи басылышы.*

**БАСЫМ** 1. Нерсенин үстүңкү бетине аракет кылуучу күчтүн ошол беттин аянтына болгон катышы аркылуу өлчөлүүчү чоңдук, кысым. *Атмосфералык басым.* 2. Бир нерсенин экинчи нерсеге караганда көптүгү, артыкчылыгы, басымдуулугу. *Күчү басым келди.* 3. Упай оюнунда атып алынган чүкөлөрдүн ойноп жаткан кишиге өтүүчү үч чүкөдөн турган тобу. *Отуз басым чүкөнүн он беш басымын ажыратып алуу керек эле. Бир басымдан кемиди.* 4. Сөздүн составындагы муундун өзгөчө күч менен айтылышы, ошол муундагы үндүүнүн башкаларга караганда көтөрүңкү үн менен айтылышы.

**БАСЫМДУУ** 1. Саны, көптүгү жагынан бир кыйла артык, көбүрөөк. *Басымдуу көпчүлүк.* ‖ Артыкчылыгы бар. *Төмөнкү айылдан чыккан балбан күчү басымдуу экендигин көрсөттү.* 2. Басым күчү бар. *Эки атмосфералык басымдуу күч.*

**БАСЫМДУУЛУК** 1. Саны, көптүгү, күчү ж. б. жагынан болгон артыкчылык. *Курулуш иштеринде жаштар басымдуулук кылат.* 2. Басым менен өлчөнгөн күч. *Атмосфералык басымдуулук. Газдын басымдуулугу.*

**БАСЫМСЫЗ** *грамм.* Басым түшпөгөн. *Басымсыз муун.*

**БАСЫМЧА** Күч көрсөткөн зордук. *Басымча кылуу.*

**БАСЫМЧАЛА** Зордоо, зордуктоо.

**БАСЫМЧАЛОО басымчала** этишинин

кыймыл атоочу.

**БАСЫН** Өзүн өзү башкалардан төмөн сезген абалда болуу, кемсинүү, чүнчүп жүдөө, корунуу. *Өксүк менен келатам, өмүрүмчө басынып* (Токтогул). *Торгой элем, басылдым, Тобурчак элем, басындым* (Токтогул).

**БАСЫНДЫР басынт** менен бирдей.

**БАСЫНТ басын** этишинин кыймыл атоочу. *Кайнененин жемеси байкушумду басынтып, кор кылар бекер* (Сыдыкбеков).

**БАСЫНУУ басын** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСЫҢКЫ** Пас, төмөн, катуу эмес. *Мурунку калыбынча үнүн басыңкы чыгарды* («Ала-Тоо»). *Айдарбек датка басыңкы үн менен каардуу айтты* (Жантөшев). // Сабыры суз, кабагы салыңкы, көңүлсүз. *Аскардын сабыркаган адамдай басыңкы түрүн көрүп, оорубу деп да ойлогом* («Ала-Тоо»).

**БАСЫП АЙТУУ** Өзгөчө көрсөтүү, далилдеп айтуу, *Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр чарбанын артта калгандыгын басып айтты* («Советтик Кыргызстан»).

**БАСЫП АЛУУ** Башка бирөөнүн жерин ээлеп алуу, күч менен каратып алуу, экинчи бир элди багындырып алуу, оккупациялап алуу. *Душман биздин жерлерибизди басып алууну көздөп отурат* (Сыдыкбеков).

**БАСЫП АЛУУЧУ** Бирөөнүн жерин, башка элди күч менен каратып алуучу, баскынчы, оккупант. *Басып алуучуларга каршы күрөшкө аттануу.*

**БАСЫП БЕРҮҮ** Бирөөнүн алдында кемсинтүү, корсунтуу, сындыруу. *Тилмечиңди чымын тийгизбес чилтендей коргойсуң. Аныңа бизди төбөлөп басып бердиң* (Бейшеналиев).

**БАСЫП КАЛУУ** 1. Жетүү, жетип барып кармоо. *Тайган алдынан чыккан аңды узатпай бат эле басып калды.* 2. Үстүнө кулоо. Таш капкандын тээктелген басма ташы тайып кетип, астындагы суусарды басып калды.

**БАСЫП КОЮУ** Жашырып-жаап коюу, же тыйып коюу. *Кандуу айыгышты басып коюш, Шабданга бекер жүктөлбөптүр* (Бейшеналиев).

**БАСЫРЫК** 1. Шамал болгондо түндүктү каккан казыкка байлап коюучу жип. 2. Албарсты. *Басырык басты.*

**БАСЫРЫЛ** Көпшөк болбой басылып, тапталып, нык болуп калуу. *Үйүлгөн чөптөр басырылган.*

**БАСЫРЫЛУУ басырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**БАСЫШ бас IV** этишинин кош мамилеси.

**БАТ I** Крахмал, ундан жасалган желим.

**БАТ II** Кадыр, барк, бедел. *«Оболу ага бөйпөктөп, батымды бузбайын – деп, өзүн өзү бекитип салган* («Ала-Тоо»).

**БАТ III** Тез, бачым, ылдам, тез аранын ичинде. *Анын бир нерсеге ачууланышы да бат, ачуусунун тарашы да бат* (Жантөшев). *Чыйыр түшө электе илбээсиндердин издери бат табылат* (Каимов).

**БАТ IV** 1. Бир нерсенин ичине сыюу, ичинен орун алуу, толуу. *Анын баары бир кичинекей куржунуңа кантип батты* (Сыдыкбеков). 2. Матырыла кирип кетүү, сайылуу. *Сыланов секирип түшөр менен баткакка тизесине чейин батып калды* (Каимов). *Карачы, дал өпкөсүнө шумкардын тырмактары батыптыр* (Жантөшев). *Карс этип найза сынып, бир кулачы Тиштээктин колтугуна батып калды* (Маликов). 3. Горизонттун арка жагына өтүү, асмандан көрүнбөй калуу (күнгө, айга, жылдыздарга карата). *Ошентип көп күн батты, көп таң атты, Шылдырлап бир калыпта суулар акты* (Осмонов). *Ай батты, ашып тоодон келбечүдөй* (Бөкөнбаев). *Чолпон баткан, Ирең-бараң таң аткан* (Бекөнбаев). 4. Тайманбоо, кайрат көрсөтүү, даай алуу. *Алтымыш коркок биригип, Бир баатырга бата албай* (Токтогул). *Баарыбыз бир ооздуу болсок, бизге эч ким бата албайт* (Жантөшев). 5. *өт.* Бөлөнүү, чөмүлүү. *Барпы кетип баратып түрдүү ойго батты* (Байтемиров). *өтө батып кызыкка, Мени унутуп койбосун* (Маликов). ‖ Малынуу, дуушар болуу. *Бир күнөөгө батарын деги батыпсың го өзүң* (Сыдыкбеков). 6. *өт.* Өз кишидей алынуу, четтеп калбоо, баш калка таап калуу. *Тууганына батпаган Душманына жалынат* (Токтогул) *Барсам, кайда батамын Башымды жутту чатагым* (Токтогул). *Кедей шордуу кайда барып батасың* (Турусбеков).

**БАТА** 1. Курандын бет ачар биринчи сүрөөсү. 2. Кандайдыр бир иштин башталышына, аякталышына байланыштуу же жалпы эле ак жол айтуу максатында алаканын жая жакшы тилегин билдирүү расмиси. *Тилемчи эки алаканын кеңири жайып, бата берди* (Абдукаримов). *Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү, аны көпкө көз айырбай тиктейм* (Айтматов). 3. Дүйнөдөн кайткан адамга арнап, же үйүнө барып куран окуу. 4. Актилек, алкыш, жакшылык каалоо. *Кол көтөрүп дубага Бата кылып алганы* («Манас» С.О.). *Агай кандан бата алып, Жоодар жөнөп калды эле* («Эл адабияты»).

**БАТА АЯК** Кудалашуу салтынын ритуалдык белгилеринин бири. Куда болуу убадасы бүткөндөн кийин куда болгондуктун белгиси катары күйөө тараптан кыз аталары тарапка берилүүчү атайын сый белек.

**БАТА КЫЛУУ** 1. Өлгөн адамга багыштап куран окутуп, жакындарына көңүл айтуу. *Өтөлөбөй карала бийди өзүлөрү коюшсун. Кийин кол бошогондо бата кыларбыз, – деп кара өзгөй жардыгын айттырды*

(Бейшеналиев). *Айлына баралбадык. Агасына ушерден чогуу-чаран бата кылалык* (Бейшеналиев). 2. Баталашуу, убадалашуу. *Антты-шертти айтышып, бата кылдык* («Ала-Тоо»).

**БАТАКӨЙ** Бата бергенди, бата кылганды жакшы көрүүчү. *Батакөй Кошой олуя, Ошол аштын башы да* («Манас»).

**БАТАЛАШ I** Бата кылуу аркылуу убада кылышкан, сөз байлашкан.

**БАТАЛАШ II** Бата кылуу аркылуу убада, сөз берүү, сөз байлашуу. *Экинчиден, мунун баталашкан жери бар* («Ала-Тоо»). – *Кожакмат кызга күйөө – деп, Баталашып коюптур* (Маликов).

**БАТАЛАШЫП АЛУУ** Касташкан тарапка каршы өз ич ара жашырын бир пикирге келүү. *Бул жаны күйгөн букаранын азыр аянчу түрү жок. Баталашып алган окшобойбу?* (Ш.Үмөталиев).

**БАТАЛГА** *диал.* 1. Дөңгөч. *Баталга коюп, отун кыркат.* 2. Ээн жерге чыккан жалгыз түп дарак. *Баталгага ат байлады.* 3. Адамдын башын ала турган жай. *Баштарын баталгага чапса сынгыс, Кылычтап кыйырын бут кырса* (Өмүрканов).

**БАТАЛДЫК ЖАНР** *сүр.* Согуш, уруш, аскердик тематикага арналган, негизинен согуш талаасын ж.б согуш эпизоддорун сүрөттөгөн көркөм сүрөт искусствосунун бир тармагы.

**БАТАЛИСТ** Согуш аракетин же согуш эпизодун тартуучу сүрөтчү.

**БАТАЛИЯ** 1. *эск.* Согуш, салгылашуу. 2. Спорт оюнундагы күрөш, салгылашуу.

**БАТАЛЬОН** Бир нече ротадан турган аскердик бөлүк. *Аткычтар батальону. Саперлор батальону. Танкалык батальон.*

**БАТАЛЬОНДУК батальон** дегенге таандык. *Батальондук комиссар.*

**БАТАМАМ** *диал.* Толугу менен, бүт бойдон.

**БАТАН** 1. Ата журт, ата конуш. 2. *өт. туш.* Турак үй, короо-жай. *Элге келсем деп турам. Участка берсең, айыл четине бир батан кылып коёюн* (Мавлянов).

**БАТАНЫ БУЗУУ** Айтылган анттан таюу, убаданы унутуу. *Айнектей баламды боздотпоюн, батаны бузбайын деп, убалынан коркконуман силердин тилиңерден чыкпадым* (Бейшеналиев).

**БАТАРЕЯ** 1. Бир канча замбирек, миномёттордон турган артиллериялык бөлүк. *Миномёттук батарея. 2.* Бир нече гальваникалык элементтердин же аккумуляторлордун өз ара бирикмеси. *Электр батареясы. Аккумуляторлор батареясы. 3.* Бир канча бирдей бөлүктөн, элементтен өз ара биригип тизмектелген түзүлүш, бирикме.

**БАТЕК** Бут кийимдин таманына ич жагынан төшөлүп салынуучу кийиз же башка материал.

**БАТИНКЕ ботинка** менен бирдей.

**БАТИР** Акысын төлөп бирөөнүн үйүн, же үйдүн кандайдыр бөлүгүн (бир же бир нече бөлмөнү) убактылуу пайдаланып туруу. *Короо салбай канчасы, Батирге кирип калган тим.* («Манас» С.О.).

**БАТИР** *диал.* Квартира. *Караколдо батирде турган экен.*

**БАТИРЧИ** Үй акысын төлөп туруучу адам, батирде туруучу.

**БАТИС** Жука кездеме. *Ак батистен көйнөгү бар.*

**БАТИСКАФ** Суунун тереңинде изилдөө жүргүзүү үчүн аппаратура менен жабдылып, өз алдынча кыймылдай ала турган камера.

**БАТКА** 1. Чымчык чокуган. 2. Жыгачта, темирде чегилген орнамент.

**БАТКАК** Ылай, балчык. *Эзилет жердин бети, белден баткак, Жуурулган суюк камыр жамынгандай* (Үмөталиев). *Баткактарга оонатып, Чочко кылат жинди суу* (Шүкүрбеков).

**БАТКАКТА** Ылайлоо, балчык болуу. *Баткактаган жол небак кургады* («Ала-Тоо»).

**БАТКАКТОО баткакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАТКАКТУУ** Балчыктуу, баткагы көп. *Токойдун ары чети баткактуу саз, бери чети шоссе жол* (Баялинов).

**БАТКАЛ** 1. Тоолуу жердеги ойдун, кабак, айылдын боз үйлөрүн тигүүгө ыңгайлуу ыктоолуу кеңири түз жер. 2. Эки-үч суунун куюлушундагы жер. *Көк өзөндүн баткалда, Керилип кыргыз жатканда* («Манас» С.К.). *Адыр-күдүр баткалда Жакыптын кою жатканда* («Манас»).

**БАТКАЛЫШ** 1. **баткал** менен бирдей. 2. Тоо арасындагы же кептелиштеги далдаа жер. *Маңдайында баткалыш Кара-Кумдун жылгасы.* (Молдо Кылыч).

**БАТКЕРДЕ** Арам ойлуу, кара ниет; кылмыштуу.

**БАТКЫЗ батыр** мекен бирдей.

**БАТМАН** *тар.* Оордук өлчөм. Болжол менен төрт пуддан он алты пудга чейин оордук чен. *Нече батман, нече бут* («Манас» С.О.). *Алты батманча жетпей калды эле, тиги өзү айткандай, эки үй ары кошунасыныкына барып, бардыгынча топтоп берди* (Даникеев). 2. *өт.* Көп жана салмагы чоң, зор. *Батман-батман дан алган, Баскан жери жаңырган* (Үмөталиев). 3. Эки тешеге жакын келген жер өлчөмү.

**БАТНОС** *туурасы:* **поднос.**

**БАТНУС** *туурасы:* **поднос.**

**БАТОМЕТР** *геол.* Дарыянын көлдүн, деңиздин түрдүү терендигин суулардын пробасын алууга керектүү курал.

**БАТОН** Сүйрүрөөк формада жасалган ак нан. *Адыл нан магазининен эки батон, экиүч булочка алып келди.*

**БАТОНЧИК** Конус формасындагы таттуу,

жумшак момпосуй.

**БАТПАЯК** **бакпаяк** менен бирдей.

**БАТПИРЕК** Жука камыш таякчалар менен кагазды. жабыштырып, ичке жип аркылуу абанын агымына карай тартып асманга учуруучу балдар оюнчугу. *Батпирек жасоо. Батпирек учуруу.*

**БАТРАК** *тар.* Байдын, помещиктин жеринде жалданып иштөөчү кедей. *Айтышына караганда Назарбек эски батрак* («Ала-Тоо»). *Кыргыз арасынан чыккан батрак, кедей, дыйкан кошчулар* («Эркин Тоо»).

**БАТТА** Желимдөө, жабыштыруу. *Камыр менен баттап кой.*

**БАТТАШ** 1. **батта** этишинин кош мамилеси. 2. Желимдей жабышып, же так ажырап кетпей чапташуу. *Колум батташып турат.*

**БАТТАШТЫР** **батташ** этишинин, аркылуу мамилеси.

**БАТТАШУУ** **батташ** этишинин кыймыл атоочу.

**БАТТЕ** Улак ташталуучу орун. *«Көчөлөнгөн жыйындын баш жагында кийиз салынган батте ээн турат»* (Токтоналиев).

**БАТТЕРФЛЯЙ** Сууда сүзүүнүн өзгөчө түрү, эки колун бирдей сууга таштап сүзүү.

**БАТТУУ** Баты бар, батташкан. *Баттуу кездеме экен.*

**БАТУУ I** Ой, ой жер.

**БАТУУ II** **бат IV** этишинин кыймыл атоочу. *Терең ойго батуу менен Муслимахун жантайып жатат* (Жантөшев).

**БАТЧАГАР** **баччагар** менен бирдей. *Какбаш деп тилдеп тентитти, Акылсыз Эшим батчагар* («Эл адабияты»).

**БАТЫБА** 1. *дин.* Зарыл болуп калган учурларда мупту тарабынан шарияттын закондоруна карата берилүүчү түшүндүрмө. 2. *өт.* Жыйынтык, чечим.

**БАТЫБА КЫЛУУ** Чечим кылуу, жыйынтык чыгаруу.

**БАТЫЛ I** батымдуу, кайраттуу, өткүр. *Батыл сүйлөө.*

**БАТЫЛ II** *дин.* Чындыкка жатпаган курчтуу, жалган, опаасыз. *Батыл болор диниңер* («Манас» С.О.).

**БАТЫМ** Батымдуулук, өтүмдүүлук, кайра тартпаган өткүрлүк, тайманбастык, батыл. *Батымы күчтүү. Түк кишиге батымы жок.*

**БАТЫМДУУ** 1. Башкалар менен ымалашып, аралашып кетүүгө жөндөмдүү, үйбүлөгө батымдуу. *Кыз-келинге батымдуу.* 2. Өткүр, кайра тартпаган, тайманбаган батыл, өтүмдүү. *Өзгөчө эки күндөн бери Татыбектин сөзү көп. Жакшы иштеген киши сөзгө батымдуу да* (Байтемиров).

**БАТЫМДУУЛУК** 1. Батымдуу, аралашып кетүүгө жөндөмдүү болуу сапаттары. 2. Кайра тартпаган өтүмдүүлүк, өткүрлүк, тайманбастык.

**БАТЫМСЫЗ** 1. Батымдуу эмес, аралашып кетүүгө жөндөмдүү эмес. *Батымсыз киши. Үй-бүлөгө батымсыз.* 2. Өтүмсүз, өткүр эмес, чечкиндүү батынып кирише албаган. *Сөздөрү батымсыз.*

**БАТЫМСЫЗДЫК** 1. Аралашып, мамилелешип кетүүгө жөндөмү жоктук. *Батымсыздыгынан алардыкынан кетип калды.* 2. Өтүмсүздүк, батымдуулугу жоктук. *Батымсыздык кылып даап бара алган жок.*

**БАТЫН** 1. Жашыруун сырды көрө билүү, же ички дүйнө, жашыруун сырга ээ болуу – көзү ачыктык. 2. *өт.* Көрөгөч, акылман, байкагыч, сезгич. *Батыны ачык бадыша* («Манас» С.О.). *Батыны ачык күң экен. Бу Зулайка булунуп* («Эл адабияты»). 3. Кайра тартпаган, өтүмдүүлүгүн көрсөткөн мамиле жасоо, тартынбоо. *Баатыры болсо кайраттуу, Батынып душман келеби* (Токомбаев). *Батынып жүрөк сырын айта алабы, Батынан, же болбосо, сөздөн корккон* (Маликов).

**БАТЫНУУ** **батын** этишинин кыймыл атоочу.

**БАТЫР I** **бат IV** этишинин аркылуу мамилеси. *Келиндер күрөктөрүн кыртыштуу чымга батыра-батыра сайышат* (Сыдыкбеков).

**БАТЫР II** Катуу нерсени чайнаганда, майдалаганда чыккандай дабышты билдирүүдө колдонулат. *Батыр эттире чайноо. Батыр-бутур дей түштү.*

**БАТЫРА** 1. Батыр-бутур этүү, батыр-батыр эткен дабыш чыгуу. 2. Көп санда болуу, опурап-топураган абалда болуу, жайноо.

**БАТЫРАК** *туурасы:* **батрак.**

**БАТЫРАТ** **батыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Эр жоокер батыратты автоматын* (Үмөталиев).

**БАТЫРАШ** Көп болуп көрүнүү. *Батырашып көп конок келди.*

**БАТЫРОО** **батыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БАТЫШ I** Горизонттун күн көрүнбөй батчу жагы, дүйнөнүн күн батыш бөлүгү. *Батыштан согуш башталды, Кырк биринчи жылында* (Калык). *Батышынан да, чыгышынан да шылдырап көк кашка суу агып турат* (Сыдыкбеков).

**БАТЫШ II** **бат IV** этишинин кош мамилеси. *Ортоңку эки полкага батыша отургула* (Жантөшев).

**БАУ** Жактырып кубаттаганда, сүрөгөндө колдонулат. *Бау! Чотурум* (Сыдыкбеков).

**БАХ** Таңыркап суктанганда, кубанганда, ыраазылыкты билдиргенде колдонулат. *Бах! Тим эле мээге жетет. Муздактыгын айтпа* (Бейшеналиев).

**БАЦИЛЛА** Таякча формасындагы бактерия.

**БАЧА** *диал.* 1. Бала, төл. 2. *тар.* Бийлеп, көңүл көтөрүүчү бала.

**БАЧАГАР** Бирөөгө, көбүнчө балдарга, жаштарга карата тилдөөдө, жекирүүдө, зекүүдө колдонулат. *Сенде кылмыш көп, бачагар,– деди Карабай Бейшембиге* (Элебаев). *Молдо эпке-сөзгө көнбөстөн: – Көтөр, бачагарды! – деп кыйкырды* (Баялинов).

**БАЧАЙЫ** *диал.* Башайы. *Матаны кием түрлөнүп, Бачайы көйнөк кийгендей* (Тоголок Молдо). *Бачайы, шайы жууркандар, он эки канат үйдүн эки босогосуна чейин жыйылган.*

**БАЧЕК** Майда, ушак, кичинекей. *Майда-бачек иштер менен убараланып жүрүп, убакыттын көбү өттү.*

**БАЧИКИ** Түлкүнүн күчүгү. *Түлкүгө салып капканды, Түлкүнүн көбүн кыйраттың. Түлкүдөн ичик кылдырып, Бачигин анын ыйлаттың* (Эл ырлары). *Январдын аяк ченинде түлкүлөр ийинден чыга башташат да, 52–56 күндөн кийин бачикилерин тууйт* («Айыл чарба»).

**БАЧЫМ** Бат, тез, ылдам. *Кагылайын Семетей, Ошого бачым жетели* («Семетей»).

**БАЧЫМДА** Тездөө, ылдамдоо. *Бол, ишиңди тез бүтүрүүгө бачымда.*

**БАЧЫМДАТ бачымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЧЫМДОО бачымда** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЧЫР** Катуу нерселердин, мисалы, жыгачтын, качыр-кучур этип сынгандай же катыр-кутур эткендей дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Бачыр этип сынган жыгач. // Жулкунган арабада эки качыр Оездугун кажап келет бачыр-бачыр* (Токомбаев).

**БАЧЫРА** Бачыр-бучур этүү. *Бачырап күйгөн от.*

**БАЧЫРАТ бачыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Балдары бачыратты чыбыктарды, Сабоодо көптөн берки өчү бардай* (Үмөталиев).

**БАЧЫРОО бачыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БАШ** 1. Адамдын, жалпы эле жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене мүчөсү. *Эсен үнчүкпай гана башын ийкеди да, Жуманын артынан басты* (Жантөшев). *Таякчан, көпчүлүгү көз айнекчен, Кашка баш чекелери бир карыштап* (Токомбаев). *Ат башы менен эр башы, Абалдан кайда калбаган* (Бөкөнбаев). 2. Адамдын же айбандын өзү. *Баштагыдай ата-энең Малга сатпайт башыңды* (Тоголок Молдо). *Жаңжалдан жалын чыкпайбы, Жамандык башты жутпайбы* («Эр Табылды»), *Санаса, баарысы отуз эки баш бодо* (Бейшеналиев). ‖ Белгилүү бир бирдик, бир бүтүн катарында алынган эсеп саны. *Кош башына бир семиз Жылкыдан тандап сойгула* («Эр Табылды»). 3. Бир нерсенин алгачкы чыккан жери, жогорку жагы, башталышы. *Жыл башы январь. Иштин башы жакшы башталды Мен суу башына барамын, Жогортон кечүү чаламын* («Эр Табылды»). *Сай башынан кыйгач канал чыгарып, Так өзөндүн үстү менен жүргүзгөн* (Маликов). – *Ууру! Жылганын башын көздөй чапкыла* (Байтемиров). 4. Дан эгиндердин дан берүүчү бөлүгү. *Кызыл буудайдын ар биринин башы кере карыш* (Абдукаримов). ‖ Кээ бир өсүмдүктөрдүн тоголоктонуп чыккан желе турган бөлүгү, түбү. *Шамбет, сенин Жеңиштайың ал күнү бир баш кызыл пиязды бүт жеди* (Сыдыкбеков). *Капустанын ар бир башы чарадай* (Осмонкул). ‖ Жалпы эле өсүмдүктөрдүн, бак-дарактардын эң жогорку жагы, учу. *Кыштактын эли кандайдыр бир сары гүлдүү чөптүн кургатылган баштарын укалап чайнекке салып демдешет* (Абдукаримов). *Салкын жел көк шибердин башын ыргайт* (Нуркамал). *Эки жараканын башын отко салып коюп бир кемпир отурат* (Бөкөнбаев). 5. Чоку, төбө, бир нерсенин жогорку, үстүнкү бөлүгү. *Тоо баштарына караңыз, башыңыз айланбайт, – деди* (Сыдыкбеков). *Каныбек бийик асканын башында атасы Сансыздан үйрөнгөн ырын ырдап отурат* (Жантөшев). 6. Тескөөчү, башкаруучу, башчы. *Айымкан менен Жээнтай стол башы болуп отурушат* (Бөкөнбаев). *Анда он үйгө бир он башы* (Жантөшев). *Элүү башы, жүз башы, Эл баштаган эрлериң, Бириң калбай баарың кел* («Сейтек»). 7. Болуп жаткан иштин, окуянын ж.б. дал үстү, өзү, жаны. *Башына келип көп малдын Башкарма көрүп мактансын* (Маликов). *Жинхуа үч кыз менен очок башында тамак жасашып жүрөт* (Жантөшев). 8. Мыкты, тандамал, башкалардан жогору, биринчи. *Баш козу. Баш жылкы. // Ойдо жаткан таш элең Орокчунун башы элең* (Тоголок Молдо).

**БАШ АДАШУУ** Өтө көп, же татаал нерсенин учу-кыйрын таба албай калуу. *Окшош үйлөрдүн көбүн айтпа, кайсы экенин билбей баш адашат* («Ленинчил жаш»). *Кең төрлөр, Эркинче жайылган калың мал, чынын айтсам, башым адашты* («Советтик Кыргызстан»). *Ал гүлдөрдүн улам бирине учуп-конгон эң сонун кооз көпөлөктөрдөн башың адашат* (Мидин).

**БАШ АЙЛАНМА** Чечилиши, оруңдалышы өтө кыйын, татаал, эмне кыларды билбей катуу ойлондуруп, туюкка алып келе турган. *Баш айланма башталганын эми көр* (Каимов).

**БАШ АЙЛАНТКЫЧ** Азезил, азгырма. *Ошондой баш айланткычтардан алыс боло көр.*

**БАШ АЙЛАНУУ** 1. Көңүлү караңгылоо, өзүн начар сезүү, башы тегеренүү, алсырап кетүү. *Башым айланып, бүткөн боюм жанчылгандай, тырп этерге каруум жоктой*

*сезилет* (Жантөшев). *Ышкынаалы көчөгө жеткенде, башы айланып кетчүдөй сендиректей барып токтоду* (Бейшеналиев). – *Туруп олтуруп сүйлөшсөм болот эле башым айланып кетет* (Осмоналиев). 2. Кандайдыр бир ишти аткарууда, маселени чечүүдө ж.б. учурда көпкө чейин ойлонуп, эмне кыларын билбей ыргылжың болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы маң болуу. *Капыстан бул маселе алдына коюлуп, торго чалып алды да, Абылкасым буйдалып, башы айланып, бир топко бул тордон чыга албай турду* (Абдукаимов).

**БАШ АЛАМАН** Иретсиз, тартипсиз, чакчелекей, чаржайыт. *Бул жерде тартип да жок баш аламан, Куш көргөн каргалардан болдук жаман* (Токомбаев). *Үй ичи күү-күү болуп, башаламан сөздөр айтылат* (Байтемиров). *Андан ары баш аламан боло түштү, ушунум түш болсо экен деп тиледи* (Жусупов).

**БАШ АЛАМАНДЫК** Бирине бири баш ийбегендик, ыркы кеткендик, өйдө-ылдый, ыйкы-тыйкы жактары көп болгондук, тартипсиздик. *Биримдик болбогон жерде баш аламандык бар* (Баялинов).

**БАШ АЛУУ** Жаңы бүлөлүү болуу, келиндүү болуу. *Баш алмак оңой иш эмес, абдан ойлон, балам, – деди атам* («Ала-Тоо»). *Баш алган жерден аянбай калалы. Алган бүлөбүз ийгиликтүү болсо эле болду* («Ленинчил жаш»).

**БАШ-АЯГЫ** Бардыгы, бар болгону, толугу менен, бир учунан бир учуна чейин. *Баш-аягы үч миң ат* («Эр Табылды»). *Өзөндүн баш-аягы ат чабымдан алыс* (Жантөшев).

**БАШ-АЯГЫ ЖОК** Баш аламан, тартипсиз, иретсиз, иреттелбеген, чаржайыт, чачкын. *Айтайын деген оюнун баш-аягы жок. Үй ээси тың болбосо, ошентип кармаган оокатынын баш-аягы жок болот* («Ала-Тоо»). *Баш-аягы жок аңгеме.*

**БАШ-АЯГЫН ЖЫЮУ** 1. Жыйынып-теринип иреттелип алуу, тартипке келүү, жыйынтыктуу абалга келүү. Туш *келди бытырабай баш-аягын жыйнап, антсе да, сыртта да тартип бир кыйла бекемделип калган* («Ала-Тоо»). 2. Эсине келүү, өзүнө келүү, мурдагы калыбына келүү. *Баягыдай эмес, бир аз баш-аягын жыйып, кайраттанып калыптыр. Болуш жылкынын артынан куугунчу жөнөтө албай бөгөлүп жатканда кара тамандар баш-аягын жыйып алышты* («Ала-Тоо»).

**БАШ-АЯГЫНА КАРАБАЙ** Эч ойлонбой, алды-кийинин ойлонбостон эле, мейлиге салып. *Баш-аягына карабай качты. Куугунчулардан кутулган экөө баш-аягына карабай жан алакетке түшүп, чаап барышканда «күр-р» эткен доош чыкты* (Осмоналиев).

**БАШ БААНА** *к.* **баш маанек.**

**БАШ БАГУУ** 1. Эшиктен баш созуп кароо, башын кылтыйтуу, бир аз көрүнүү. *Залга батпай эшиктен баш баккан адамдардын жалтырап эле көздөрү көрүнөт* (Баялинов). *Күн уясына баш бакты* (Баялинов). *Иттер арсылдап, аттар дүбүрттөп, үй-үйлөрдөн зайыптар баш багышты* (Сыдыкбеков). 2. Кирүү, кирип чыгуу. *Иштин жөн-жайын тактамак үчүн алардыкына баш бактым* («Ленинчил жаш»).

**БАШ БАЙГЕ** Байгелүү орундардагы биринчи орунду ээлегендерге берилүүчү эң негизги сыйлык, байге. *Баш байгеге сен – кулду, Байге кылып саямын* («Эр Табылды»).

**БАШ БАЙЛОО** 1. Кудалашуу, кызга куда түшүп коюу же жесир аялды никелеп коюу. *Чынын айтсам, нике кайып, башын байлап коёюн, – деп жатам* (Турусбеков). *Аталаш агабыз – Акинге баш байлап койсок кантет? Сага айтайын деп оозум батпай жүрбөйбү* (Осмоналиев). *Эгерде сен Сарыгул менен баш байласаң да менден жашырбооң керек эле* (Абдукаимов). 2. Көз каранды кылып коюу, өз эркинче боло албай калуу. *Байга башы байланган жакыр.*

**БАШ БАКПОО** Жолобоо, келбөө, жакындабоо, кирбөө. *Акбаланын үйүнөн башка бир да үйгө баш бакпады* (Укаев). *А Болот мойнун кессе да меймандар үстүнө баш бакпайт* (Бейшеналиев). **В.: Баш катпоо.** *Ошондон кийин алардыкына баш катпай калды* («Ленинчил жаш»).

**БАШ БЕРБӨӨ** Тил албоо, айтканга көнбөө, моюн сунбоо, өз билгенин иштөө. *Калпа ажынын миң жылкысын жылкычылары баш бербей, он эки семизин тандап бөлүп союп жешет* (Бейшеналиев). *Касымбек таянганы бар үчүн баш бербей, коругун комсоолотту* (Бейшеналиев). *Томаяктарды ашарга чогултуп тамын салдырып, өзүнчө эле дүңкүлдөп баш бербеген неме дейт* (Бейшеналиев). **В.: Баш койбоо.** *Ар элде бийлик жүргүзүп турган балдары бири-бирине баш койбой, ар кимиси ар жакка чоюп бөлүнүп кетти* (Касымбеков). Бой бербөө. *Бу жолу да энем кайнилерине бой бербейт* (Сыдыкбеков). *Төрт гана адам буурақандаган толкундарга бой бербей жакын сүзүп бара жатышат* («Советтик Кыргызстан»).

**БАШ БИЛГИ** 1. Билерман, мыкты, баштоочу, башкаруучу. *Бирок, экөөң тең түпкүрдөгү тоо элинин таасирдүү баш билгиси катары таанылаcыңар* (Бейшеналиев). *Бойлошту баш кылып Тынымсеит уруусунан дагы беш-алты баш билгисин жиберди* («Ала-Тоо»). 2. Үйрөтүлгөн, элпек (малга карата). *Баш билги мал. Баш билги торпок.*

**БАШ БОЛУУ** 1. Башкаруу, башчылык кылуу, баштоо. *Бөтөнчө ага умтулган Касымбек. Анын максаты Коңорчок, Тогуз-*

*Торого чейинки элге баш болуп келген Келдибек тукумунун жолун торгоо* (Бейшеналиев). *Кара баркут кемселчен Саякбай акени директор баш болгон бир топ мугалимдер ээрчитип келди* (Осмоналиев). *Бир айылга баш болуу.* 2. Баштоо. *Култай баш болуп анын артынан ээрчий басышты* (Абдукаримов).

**БАШ БУЛГАБОО** Айткан-дегенинен чыкпоо, макул болуу, тил алуу, моюн сунуу. *Баккоргон баш булгай албады* (Осмоналиев). *Оозунан чыгып кеткен сөзүнүн айыбын тартып баш булгай албай калат да, Кайрак тору бээсин берип кутулат* (Осмоналиев). *Бирөө бир орундуу сөз айта калса, башкалары баш булгабай көнө калышат* (Жантөшев).

**БАШ ЖАЗУУ** Ичкиликке чактырып ооруп калган кишинин эртеси жандырып ичкилик ичүүсү. *Ой, эң кур дегенде баш жазууга да эчтеке калбаптырбы, – деди начальник* (Бөлөкбаев).

**БАШ ИЙҮҮ** Макул болуу, багынуу, моюн сунуу. *Баатырдын бирөөгө баш ийип, ыйлаганы уят* (Жантөшев). *Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз, Күңгүрөп жер козголуп, ай батса да* (Маликов). *Бул өмүрүмдө эч кимге баш ийбедим* (Жантөшев). *Чындап баш ийгенин байката, бутун солбуй чөгөлөй комдонду* (Бейшеналиев).

**БАШ КАЛКАЛОО** Бир жерге баш паана кылуу, байыр алып, эптеп күн көрүү, кимдир бирөөнүн кароосунда болуу, аны кара тутуп, жан сактоо. *Нусуке Аталуу башкарган элде баш калкалап туруп калат* (Осмоналиев). *Курткадан куугунтук жеп, баш калкалап качып кеткен мен деле жерсинип, сиңишип калдым* (Бейшеналиев). *Кайын атасы – кастарлуу карыянын калкасында үч баласын багып баш калкалаган Коңур жесир* (Бейшеналиев).

**БАШ КАНЖЫГАДА, КАН КӨӨКӨРДӨ** Өлүм коркунучу башына келген өтө оор абалда, жоокерчилик шартта, кыйын кезең учурда. *Азыр жай жаткан эч ким жок, баш канжыгада, кан көөкөрдө* (Абдукаримов). *Жигиттер, баш канжыгада, кан көөкөрдө* (Турусбеков). **В.: Баш канжыгада.** *Ушинтип биздин тагдыр таймашта. Баш канжыгада, Жан өчүгүштө* (Бейшеналиев).

**БАШ КАТЫРМА** Оной-олтоң биле койгудай эмес, өтө татаал, табышмактуу. *Жаңыдан гана кадам шилтеген өмүрүмдө ушунчалык баш катырмаларга кездешүүдөмүн* (Бейшеналиев). *Түндүн далайы өткөнчө, кызынын тагдырын ойлоп башын катырды* («Ала-Тоо»).

**БАШ КЕСЕР** Киши өлтүргүч, киши өлтүрүүдөн да кайра тартпаган, зулум, зөөкүр, мыкаачы. *Бай-манаптын тушунда Айдалып жүрүп куурадым, Баш кесерлер жоголуп, Кубанып жүргөн убагым* (Токтогул). *Нуркан келери менен баш кесерлер өздөрүнүн карасанатай ойлорун ишке ашыруу үчүн чогулуп сүйлөшту* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШ КИЙИМ** Башка кийилүүчү кийимдин жалпы наамы.

**БАШ КОЙ** 1. Баш ийүү, моюн сунуу. *Бара-бара карылыкка баш коюп, бойдон кубат тайды* (Каимов). 2. Киришүү, өтүү. *Түн ортосунда гана Эрмек экөөбүз уйкуга баш койдук* («Ден соолук»). *Аюу бекем жасалган үйүнө кирип, узак уйкуга баш койду* (Каимов).

**БАШ КОЙКОҢ** Атагы алыс-жакынга бирдей угулуп, бардыкка даана таанымал сынчы ушундай аталган.

**БАШ КОШТУРУУ** 1. Чогултуу, бириктирүү, жыйноо. *Карыларды баш коштуруп, акыл сурады* («Ала-Тоо»). 2. Үйлөндүрүп, турмуш курдуруп коюу. *Ата-энелери кеңешип туруп, экөөнү баш коштуруп койду.*

**БАШ КОШУУ** 1. Бирге болуу, чогулуу, биригүү, бирдикте болуу, биргелешүү. *Баатырлары баш кошуп, Сап-сап болуп жөнөштү* («Семетей»). *Баш кошуп жаңы турмуш куруп жатат. Эзилген ал күндөгү өңкөй шордуу* (Турусбеков); 2. Үйлөнүү, турмуш куруу. *Күлайым – менин байбичем, Бармактайда баш кошкон* («Эр Төштүк»). *Баш кошуптур жаңыдан Эки бирдей чырагым* (Жантөшев).

**БАШ-КӨЗ БОЛУУ** Башчылык кылуу, башкаруу, көз кырын салуу, каралашуу, жардамдашуу. *Агалары жоокерчиликке аттанып, ал жакадагы жалчы-койчуга баш-көз болуп калат* (Абакиров) – *Кой, сен үй-жайга, тегирмениңе баш-көз бол* (Бейшеналиев). *Мындай жигиттер кантип бизге баш-көз болбосун* (Саатов).

**БАШ КӨТӨРБӨӨ** 1. Бир нерсеге өтө берилип иштөө, бүт мүмкүнчүлүгү, бардык күчү менен аракеттенүү, катуу киришүү. *Калемиңди койкоңдотуп кечке бирдемени шилтегенсип, такыр баш көтөрбөйсүң* (Бейшеналиев). *Кедейлердин баш көтөрбөй термелеген мээнетчилдиги кайра өзүлөрүнүн шорун кайнатууда* (Бейшеналиев). *Биз күнү-түнү баш көтөрбөй иштедик* («Кыргызстан аялдары»). 2. Каршылык көрсөтө албоо, алсыздык кылуу. *Ай, алдуунун таманы алдында баш көтөрө албай тебеленген алсыздык күн ай!* (Осмоналиев). *Жармач туугандарың жер чукушуп, баш көтөрө алышпай калышпадыбы? – деди Асанбайга туугандары* (Сыдыкбеков). 3. Катуу сынып калуу, уят болуп калуу. *Эл алдында баш көтөрө албай, журттан обочолоп калышты* (Каимов). *Уялганыман кечке баш көтөрө албадым* (Мырзаев).

**БАШ КӨТӨРӨР** Колунан иш келер, бир нерсеге жарар, кол кабыш кылар. *Үйдө кайненем экөөбүздөн башка баш көтөрөр жан*

*калган жок* (Элебаев). *Баш көтөрөр үй-бүлөнүн баары майданда жүрсө, силерге кайрылбаганда, силерден кол кабыш күтпөгөндө, анан эмне кылабыз?* (Абдукаимов).

**БАШ КӨТӨРТПӨӨ** Эч мүмкүнчүлүк бербөө, буямасын, чактысын келтирбөө, көз ачырбай үстөмдүк кылуу. *Баш көтөртпөй иштетти* («Ала-Тоо»). *Баш көтөртпөй жетимди, Молдо кылып аламын* (фольк.). *Байлар жарды-жалчыларды баш көтөртпөй, алардын ар кандай аракетин ырайымсыздык менен басып турду* (Абдукаримов). *Ушул кездегидей билимим анда болсо, бай-манаптарды баш көтөртпөт белем? – деп отол кездеги билимсиздигине арман кылды* (Жантөшев).

**БАШ КӨТӨРТҮҮ** Жөлөп-таёо, дем берүү, жардамдашуу. *Муңкүрөп чөккөнүндө ошол мүдөөсү жетелеп баш көтөртпөдүбү* (Бейшеналиев).

**БАШ КӨТӨРҮҮ** 1. Оорусунан оңоло баштоо, жакшы болуу, төшөктө жата бербей, тыңып туруп калуу, сакаюу. *Ошол жылкы улуу тумоодон бирин-серин киши гана баш көтөрдү (*Элебаев). 2. Жандануу, каршылык көрсөтө баштоо, каршы туруу. *Демек, ар кыл калктын уулдары деле бизчилеп азапка чыдабай баш көтөрүптүр* (Бектенов). *Жаңыдан баш көтөргөн кедей, кембагалдар бириге баштады* (Сасыкбаев).

**БАШ МААНЕК** 1. Баш калкалай турган жай. *– Э, Кашкарым, алдастабай жайыңды айтчы. Сопоюп жалгыз кайтканыңа, энтелегениңе караганда бизге баш маанек табылган эмес го* (Бейшеналиев). 2. Караан. *Үйгө баш маанек болсун үчүн гана бирөөнү ала качып келүүгө болбойт* (Каимов). *...Баш-көз болбосо да, баш маанек болуп берсе кана* («Чалкан»). **В.: Баш баана.** *Же баш баана кылар жериң жок, ушинтип жүргөндөн уялсаң боло – дешип туугандарым ортого алышты* («Ала-Тоо»). *Кыскасы, кыйлага чейин баш баана болду* (Убукеев). **Баш паана.** *Кайда барарын, дагы кимден баш паана сурай турганын өзү да билбейт сыяктанат* («Ала-Тоо»).

**БАШ МАЙЛОО** Кандайдыр ийгилик, жетишкендик, кубаныч иштерге байланыштуу куттуктоо. *Майлабас белем башыңды.* («Манас» С.О.).

**БАШ МАҢ БОЛУУ** Санаага берилип баш айлануу, ойлоно берип башы катуу деген маанилерде колдонулат.

**БАШ МАКАЛА** Газета, журналдардан биринчи болуп басылуучу, жетектөөчү катарындагы редакциялык макала.

**БАШ ООНА** Кыргыздын элдик жыл сүрүү календарынын айы, август айына туура келет. – *Баш оонанын он төртү, он беши көрүнгөн... Айдын ошондой толугунда кетишти эле, кагылайындар!* (Өмүрбаев).

**БАШ ООРУТУУ** Ойлонуу, сары санаа болуу, тынчсыздануу. – *Ой, кайдагыны ойлоп башыңды оорутпачы, – деп койду эжекем* (Сыдыкбеков). *Кудай алсын, кайсы чечилбей койчу баш ооруткан талаш иштер бар эле!* (Осмоналиев). *Бай антип башын оорутуп көргөн жан эмес* (Каимов).

**БАШ-ОТУ МЕНЕН** Биротоло, такыр, бүт бойдон, бир жолу. *Атасы баш-оту менен бийликти берген соң, күчүнө чиренген манап эч нерседен күмөн санабады* (Бейшеналиев). *Кары кадырын сыйлабагандар, ичкиликке баш-оту менен кирип кеткендер ...деги кайдан чыгып жатат?* («Ленинчил жаш»). *– Алиги мендеги аласадан бат-оту менен кечиңиздер* (Бейшеналиев). *Ошондон тартып коомдук иштерге да баш-оту менен киришип кетти* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Башы менен.** *Бул китебиңиздин күчүн гана тургай, башы менен берээриңизге ишенем* (Бейшеналиев).

**БАШ ТАМГА** Сүйлөм башында, энчилүү аттардын башына башка тамгалардан чоңураак же айрыкча бөлүнүп жазылуучу тамга.

**БАШ ТАҢУУ** Ата-энелери бир жакка кеткен кездерде айыл ичиндеги кыз-келиндердин, бала-бакыралардын жакшы көргөн тамак-ашын биргелешип жасап ичиши, жеши.

**БАШ ТАРТУУ** Макул болбоо, айтканынан кайра кайтуу, айнуу, макулдугун бербей тайсалдап качып калуу. *Султаналы күчкө салып, Кудайберген менен кудалашып койду эле, Атай андан баш тартты* (Каимов). *Табылды деген эр жүрөк азаматтын башчылыгы менен ыгым-чыгымдан баш тартып, кедейлер кол куратты* (Бейшеналиев). *Базарбек анын кекээрлүү сөзүн жактырбаса да, болгон ишти айтуудан баш тарткан жок* (Каимов). *Аткаруучулуктан, айтуучулуктан небак баш тарткам* (Бейшеналиев).

**БАШ ТЕРИСИ БУЗУК** Кара ниет, жаман ойлуу, көңүлү түз эмес, начар. *Байымбет булардын баш териси бузук экенин, соо тегеректебегенин байкап, эптеп жумшартып кутулууга жан далбасалады* (Бейшеналиев).

**БАШ ТЕРИСИ ОҢ** Жүргөн-турганы, жасаган иштери, кишиге жасаган мамилеси ж.б. түзүк, жакшы, начар эмес. *Келиндин отуруп-турганын, кыймылын астыртан байкап отурган кемпир: «баш териси оң көрүнөт, түзүк эле киши болор», – деп ойлоп ичинен күңгүрөнүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШ ТЕРИСИ ТЫРЫШУУ** Ачуусу келүү, кыжырлануу. *Баш териси тырышып, ... алагар көзү жырткычтыкындай тикирейген Касымбек Тоголок Молдодон суук айланчыктай кайпыды* (Бейшеналиев). *Бул сөздү укканда бектин баш териси тырышты* (Каимов).

**БАШ ТЕРИСИН БАЙКОО** Жөн-жайын

байкаштырып, сынап көрүү. *Ушинтип туруп Тообай чет-жакасын чыгарып, мунун баш терисин байкап көрөйүн деген кыязданды* (Кыдырмышев).

**БАШ ТЕРИСИНЕН КӨРҮНҮҮ** Анын кандай адам экендиги, ким экендиги түрүнөн, сырткы кебетесинен эле байкалып турат деген мааниде, көбүнчө, бирөөнү мүнөздөөгө карата колдонулат.

**БАШ ТОГОЛОТУУ** Үйрөтүү, жол көрсөтүү, баштоо. *Томаяктарга баш тоголотуп азгырып жүргөн ошол Элеман – деп болуш кыжына баштады* (Укаев). *Чолок ооз шайтан баш тоголотуп, аларды өзүнө союл кылып алды* (Сыдыкбеков).

**БАШ ТОСУУ** Тике бет багуу, кайра тартпоо, тобокелге салуу, өлүмүнө да кайыл болуу.

**БАШ УРУУ** Багынуу, моюн сунуу. *Кабарын уккан көп душман Жыгылып бизге баш урган* (Барпы). *Күрөшкөндө күч да, кан да чачылмак, Күрөшкөнгө кыйындыктар баш урмак* (Токомбаев). *Жалдырадың жан талаштың баш урдуң* (Маликов). – *Чоке, кулдугум бар! Биз жыгылдык! Айыбын тартып, алдыңарга баш уралык* (Үмөталиев).

**БАШ-УЧУН ЖЫЮУ** Иреттелүү, тартипке келүү, баш аламандыктан кутулуу, даярдануу. *Өзгөрүштү жүргүзгөн жаңы өкмөт баш учун жыйып толук иреттеле электиги да чын* (Бейшеналиев). *Баш-учуңду жыйып шаарга кел* (Бейшеналиев).

**БАШ ЧАЙКОО** Бир нерсеге абдан өкүнүп, кайгырып, же таң калып туруу деген мааниде колдонулат. *Карап турган эл журтуң Башын чайкашып зарлады* («Курманбек»). *Имерилеп келе жаткан иштн кайра кетенчиктетет, бүлдүрөт, – деп кары башын чайкады* (Убукеев).

**БАШ ЧАЛГЫЧ** Керегенин босого жак башынан чалып тегерете курчай босогонун экинчи жагына тартылып байланган сызма. *Баш чалгычы жибектен Баарын сонун чырматып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАШ ЫЛДЫЙ** Бүт баарын, баардыгын, тегиз. *Оезной өзү аскерураштырьт, бунт чыгарган элди баш ылдый кырып кириптир деген айың чагылгандай тез тарады* (Сыдыкбеков).

**БАШ ЫРГЫТУУ** Жаңы үй салып устунун көтөргөндө, же боз үй жасап чамгарак көтөргөндө кой союп, эл чакырып, тамак берүү ырым-жырымы. *Баласына үй жасап, чамгарак көтөрүп, баш ыргытты* («Ала-Тоо»).

**БАШАА** *туурасы:* **падыша.** *Бакка башаа киргенде Барпылдаган кернейдин Алты жүзү тартылып* («Манас»). *Башаага ат да бердик, тон да бердик, Аргамжы, байпак, мээлей, чом да бердик* (Токомбаев).

**БАШААЛУУ падышалуу** менен бирдей. *Кабылан Манас, сөзүмдү ук, Башаалуу калаа жер мына* («Манас»).

**БАШААЛЫК падышалык** менен бирдей. *Башаалыгын билгизди.*

**БАШАЙЫ** Жибек кездеменин бир түрү. *Карала башайы жууркандар артыкча көзгө түшөт* (Сыдыкбеков). *Көйнөгүң кызыл башайы, Көргөнү келдим атайы* (Барпы).

**БАШАРА** Бет, өң жүз, кебете кешпир. *Э, башараң куруп кетсин! Башарасин көрктөгөн, баркырап жылдыз чокудан* («Эл адабияты»).

**БАШАРАТ** 1. Сырдуу белги, касиеттүү аян; Кээде касиет, кудурет маанилеринде да колдонула берет. *Эч башарат көрө албай.* («Манас» С.О.). 2. Ишарат, жаңсап. *Бир аксакал дубана келип башарат берип: «Сен ыйлап, кайгырып жатканың менен эч пайда таппайсың, зил болуп өлөсүң» дейт* («Эл адабияты»).

**БАШАТ** 1. Булактын, суунун башталышы, башы. *Таш кумдуу жердин түбүнөн Таш башат көзү ачылган* (Маликов). *Бул суу бадалдуу жылгадагы башаттардан чогулган* (Абдумомунов). 2. *өт.* Бир нерсенин чыккан жери, булагы. *Башаты болдуң Ала-Тоо, Коргошун, сымап, сурьманын* (Бөкөнбаев). *Каймак, сүттүн башаты өсүмдүктүн денинде* (Токомбаев).

**БАШАТТУУ** Булак чыккан, башаты бар. *Тээ башаттуу сай жактан сагызгандын шакылыктаган үнү чыгып, кайра жоголот* (Касымбеков).

**БАШБАКТА** 1. Баш багып кароо. *Бир бул короого, бир тиги корооого башбактай бердим* (Байтемиров). 2. Учу, чети чыгып туруу, кылтыйып көрүнүү *Апасынын аркасына далдаланып, ийинден башбактаган чычканча башын кылтыйтып карап коёт* (Каимов), *Кечикпей эле тоонун туш-туш тарабынан, булуттар башбактай баштады* (Каимов).

**БАШБАКТОО башбакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАШКА** 1. Бөлөк, өзгө. *Башка колхоздорго да киши жибердик* (Байтемиров). *Жыйналыштын акыры башка күнгө калды* (Убукеев). ‖ Айырмасы бар, айырмалуу, өзгөчөлүгү бар. *Жумуру баш адамдын Башка-башка өнөрү* (Токтогул). 2. Бөтөнчө, өзгөчө, айрыкча, артык. *Манастын уулу Семетей Адамдан башка жаралган* («Манас»). *Баатырдыгы башкача, Балбандыгы эң башка* («Эр Төштүк»).

**БАШКА БАШ КОШУЛУУ** Жаңы бүлөлүү болуу, жаңы бүлө кошулуу (көбүнчө келин алгандарга карата). *Албетте, жаңы келаткан келин кайдан, кимдин кызы болбосун ошол таптагы сүйүнчүлүү дүрбөлөң, кантсе да, башка баш кошулганы, үйгө баш киргени турат* («Ленинчил жаш»).

**БАШКА-БАШКА бөлөк-бөлөк** менен бирдей.

**БАШКА ИШ ТҮШҮҮ** Кыйын, оор абалда калуу, кыйынчылыкка дуушар болуу. *Эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет* (макал).

**БАШКА КЕЛҮҮ** Кокусунан кандайдыр бир нерсеге (көбүнчө кырсыкка, оор абалга, кыйынчылыкка ж.б.) дуушар болуу. *Башка келгенди көз көрөт* (макал). *Башка келсе көтөрбөскө чара жок.* **В.: Башка түшүү.** *Карыпчылык абал башка түшүп, муңкүрөп отурган кишилердин көңүлүн көтөргүсү келди окшойт* («Ала-Тоо»). *Айдан улам кыгыздар күн эсебин, аба ырайын, жылдын оор-жеңилин, башка түшөр жамандык-жакшылыкты болжогон* (Жусупов). *Жапаа жеке эле биздин башка түшүптүрбү* (Бейшеналиев).

**БАШКА ТҮК ЧЫККАНДАН БЕРИ** Жаралгандан, жарык дүйнөгө келгенден, төрөлгөндөн. *Бала болуп башыма түк чыккандан бери так мына ушундай шартта жашап келатам* (Кыдырмышев).

**БАШКА ТҮШҮҮ** *к.* **башка келүү.**

**БАШКА ЧАПКАНДАЙ** Заматта, тез, күтүлбөгөн жерден бир кокустук боло калгандай, бир нерсе катуу таасир этkендей деген мааниде. *Башка чапкандай кайра тартып, караандарды көздөй жүгүрдү* (Осмоналиев). *Сагыналы башка чапкандай шарт бурулуп далиске чыкты* («Кыргызстан маданияты»). *Чагыр башка чапкандай бир бозоруп, бир кызарды* (Осмоналиев).

**БАШКА ЧАПСА БЫЛК ЭТКИС** Кебелбеген, эч нерсени тоотпогон, абдан калың, олбурлуу, көтөрүмдүү. *Жарыктык бабам олуя экен. Башка чапса былк эткис кара күчтү маа, ак колдукту саа жоручу. Айтканы келди жарыктыктын* (Бейшеналиев).

**БАШКА ЧУКАК** Баласы жок, тукуму аз, кемчил, жетишсиз. *Башка чукак кадеми каткырлардын тукуму уланып, бала төрөлгөнү жакшы жышаан* (Бейшеналиев). *Биз деле башка чукакбыз.*

**БАШКА ЧЫГУУ** Үстөмдүк кылуу, бийлеп алуу, күч алып эсирип кетүү. *Намысы жоктор, душманыңар башка чыкты* (Каимов). *Булардын башка чыгып кетиши Кудайберген үчүн жаман белги эле* (Каимов). *Башкарма, башкарма деп койсо, башка чыгып баратасың* (Абакиров).

**БАШКАГА ЧАЛУУ** Башкага буруу. *Барган сайын энеси сөздү тереңдетип бараткандыктан Татыбек башкага чалды* (Байтемиров).

**БАШКАЛА** 1. Өзгөртүү, башка кылуу. 2. Бир нерсени өгөйлөө, кабыл албоо.

**БАШКАР I** 1. Башчылык кылуу, жетекчилик кылуу, бийлик жүргүзүү. *Эстүү жигит бийлесе, Элин жакшы башкарат* (Осмонкул). *Билген миңди башкарат, билбеген миңге кошулат* (макал). ‖ Баш-көз болуу, тартипке салуу. *Акылман Айкын байбиче Балдарды үйдө башкарат* (Барпы). 2. Тейлөө, машинаны, станокту ж. б. жүргүзө, иштете билүү. *Машина да жолдон чыкчу беле апай,– деди Акия озунуп кемпирге. – Муну башкарып бараткан шофер эмеспи, көрбөйсүзбү* (Сыдыкбеков). *Заводдордо станокту башкарган, Ар күн сайын 4–5 норма аткарган* (Осмонкул).

**БАШКАР II** *сейр.* Башкача болуу, өзгөрүү. *Мүнөзү башкара түштү.*

**БАШКАРТ** **башкар** этишинии аркылуу мамилеси.

**БАШКАРГЫЧ ТҮЗҮЛҮШ** *комп.* Компьютердин мээси катары каралып, компьютерди башкарып турат. Ал борбордук процессордо жайгашат.

**БАШКАРМА** 1. Кандайдыр бир мекемеге, уюмга жетекчилик кылуучу орган. *Борбордук курорт башкармасы. Жеңил өнөр жай башкармасы. // Авария болгон шахтага дүрбөп кен башкармасынан да келишти* (Сасыкбаев). *Тезинен башкарманын мүчөлөрүн чакыр* (Жантөшев). ‖ Ушул орган жайгашкан жай, имарат. *Колхоздун башкармасы эл менен жык, Тынышпай, бири кирсе, бири чыгып* (Үмөталиев). 2. *сүйл.* Колхоздун председатели. *Тигил коңшу колхоздо он жылча калыс башкарма болуп турдум* (Шимеев). *Улууга жаман айтпаган Биздин, биздин башкарма* (Осмонов).

**БАШКАРМАЛЫК** **Башкарма** дегенге таандык. *Кичүү болсом да, башкармалык даражам улуу тура* (Байтемиров). *Бирок кимиси болсо да башкармалыктан түшкүчө Гүлсарыдан түшчү эмес* (Айтматов).

**БАШКАРУУ** **башкар** этишинин кыймыл атоочу. *Уулуң шахтага түшүп, машиналарды башкарууну үйрөнсүн* (Сасыкбаев).

**БАШКАРУУЧУ** Кандайдыр бир мекемеге, уюмга жетекчилик кылуучу органдын, башкарманын жетекчиси, башчысы, башкаруу ишин алып жүрүүчү. *Совхоздун уй фермасынын башкаруучусу. Үй башкармасынын башкаруучусу.*

**БАШКАРЫЛ** **башкар I** этишинин туюк мамилеси.

**БАШКАРЫЛУУЧУ** Ар кандай аппараттардын, приборлордун ж. б. жардамы менен башкарууга боло турган. *Башкарылуучу снаряддар.*

**БАШКАСЫН** Бөтөнсүнүү. *Ал мени башкасынбайт.*

**БАШКАСЫНТ** **башкасын** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАШКАТЫРМА** Сканворд, кроссворд ж.б. оюн-табышмактардын жалпы аталышы.

**БАШКАЧА** Бөлөкчө, өзгөчө, башка түрдө, мурдагыдай эмес. *Эрке кыз башкача түшүнгөн* (Байтемиров). *Баштагы кыргыз биз эмес, Башкача болду элибиз* (Осмонкул).

**БАШКЫ** 1. Алгачкы, эң биринчи, алдың-

кы, баш жагындагы. *Белек аны ары-бери торуп, Көз жүгүрттү ырдын башкы жолуна* (Токомбаев). *Көпөлөк терезенин башкы кашегине жабышып, тыптынч болду* (Сыдыкбеков). ‖ Түпкү. *Башкы атасы Каракан* («Семетей»). 2. Негизги. *Мал чарбасын өнүктүрүүнүн башкы шарты тоюттардын өндүрүлүшүн көбөйтүү* («Советтик Кыргызстан»). 3. Кызмат абалы жагынан жогору башкаларга башчылык кылып, же тиешелүү кызматы боюнча башкаруу ишин жүргүзүүчү. *Башкы инженер. Башкы врач.*

**БАШКЫ УЙКАШ** *адаб.* Ыр жолдорунун башкы сөздөрүнөн курулган уйкаштык. *«Кадырым сурар киши жок, Калганым ушу турбайбы. Кадыр түндө түш көргөн, Арманым ушу турбайбы.»* («Курманбек»).

**БАШКЫРЛАР** *ж.с.* башкыр. Башкыр АССРинин негизги калкын түзгөн эл.

**БАШМА-БАШ** Айырбаштоодо же башка учурларда бирге бир саны менен туура келүүчүлүк. *Башма-баш берүү. Башма-баш айырбаштоо.*

**БАШМАЛДАК башмандак** менен бирдей.

**БАШМАЛДЫРЫК башмандак** менеп бирдей.

**БАШМАНДАК** 1. Башмандак атуу – төбөсү менен ала-салуу, төбөсүн жерге тийгизүү менен тоголонуу, тоңкочук атуу. *Башмандак атып ойногон балдар.* 2. *өт.* Болгон күчүн, аракетин сарптап иштөө. *Таңдан кечке башмандак атып иштеп жатсак да мунуң бүтөөр эмес* (Өмүрбаев).

**БАШМАНДАКТА** Башмандак атуу, төбөсү менен ала-салуу.

**БАШМАНДАКТОО башмандакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БАШПААНЕК башмаанек** менен бирдей.

**БАШСЫЗ** 1. Башы кесилген, башы жок. 2. Башчысы жок, башкаруучусуз, жетекчисиз. Иретсиз, тартиби жок, ээн баш.

**БАШСЫЗДЫК** 1. Башкаруучусу, жетекчиси жоктук. 2. Иретсиздик, ээн баштык.

**БАШТА I** Мурун, мурда, а дегенде. *Башта Садык келе жатканда алда кайдан ызаат кылып, кол сунуп туруучу* (Байтемиров). *Борис Айнанын сурмалуу көзүнө жарашып турган кара кирпиктерин башта эле жакшы көрүүчү* (Байтемиров).

**БАШТА II** 1. Кыймыл-аракетке, ишке, айтууга ж.б. киришүү. *Түтүнүнө мал союп, Тойду баштап салышты* («Мендирман»). *Эртеңден баштап колхоздун курулушун баштайбыз* (Сыдыкбеков). 2. Биринчи болуп журүү, алдында жүрүү, кандайдыр бир иштин башталышында биринчи болуп киришүү. *Эркек бала өңөрүп, Жеңекем көчтү баштаптыр* («Эр Табылды»). *Шамбетбайкем өзү баштап кетменин таптаган* (Сыдыкбеков). ‖ Башында болуу, башкысы болуу. *Бир жагында ордонун Манас баштап кырк чоро* («Эр Төштүк»). *Ат баштап, акча-пул берип, Кезегинде мен турдум* (Саринжи – Бөкөй»). ‖ Жол көрсөтүү, ээрчитүү, багыт алдыруу, башчылык кылуу, жетекчилик кылуу. *Баштап жүргөн киши метрого түшүүгө кеңеш берди* (Байтемиров). *Бүгүн бизди саякатка мугалимдер баштап чыгышты* (Сыдыкбеков). 3. *Чакчыл формада:* баштап. Чыгыш жөндөмөдө турган сөздөрдү жандап кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилден башталгандыгын билдирүүдө колдонулат *Күздөн баштап кызым Динар мектепке жаңы бара баштады* (Сыдыкбеков). *Эртеңден баштап колхозчуларга эмгек акы берилет* (Жантөшев). 4. Бут кийимдин, көбүнчө өтүктүн же масынын башын жаңыртып, жаны баш салуу.

**БАШТААК** Баштап жүрүп кетме, эркечке маанилеш. *Баштаак кой сууга киргенде, калгандары да аркасынан чубурду* (Өмүрбаев).

**БАШТАГЫ** Мурдагы, мурунку. *Баштагы директор окуу тарар менен жайлоолоп же курорттоп кетүүчү* (Сыдыкбеков). *Баштагы кыргыз биз эмес, Башкача болду элибиз* (Осмонкул).

**БАШТАГЫДАЙ** Мурункудай, мурдагыдай. *Табылды оорудан аман-эсен айыгып, тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүрдү* («Эр Табылды»). *Малдар өз короолоруна тегиз кирген кезде кыштак кайра баштагыдай тынчый түшөт* (Каимов).

**БАШТАКЫ баштагы** менен бирдей. *Баштакыдан миң эсе Улук болуп калыптыр* («Сейтек»).

**БАШТАКЫДАЙ баштагыдай** менен бирдей. *Бала жолборс Табылды Баштакыдай жарк этип* («Эр Табылды»).

**БАШТАЛ башта** этишинин туюк мамилеси. *Чогулушта кызуу талкуу башталды* (Каимов).

**БАШТАЛГЫЧ** Адепки, алгачкы. *Башталгыч окуу.* ‖ Биринчиден төртүнчүгө чейинки класс же биринчиден төртүнчүгө чейинки классы бар. *Башталгыч класстар. Башталгыч мектеп.*

**БАШТАЛМА** Бир нерсении башталышы, башталган жери.

**БАШТАЛУУ баштал** этишинин кыймыл атоочу. *Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жаңы кыймыл башталууда.*

**БАШТАЛЫШ** Кыймыл-аракеттин башталганы, башы, башталган учуру, мезгили. *Революциялык кыймылдын башталышы. Окуу жылынын башталышы. Быйылкы жыл жаңы беш жылдыктын башталышы.*

**БАШТАМАЛ** Алып баруучу, башкаруучу.

**БАШТАН I** 1. Башын белгилүү бир жакка баштап жатуу, башын коюу, багыт алуу. *Калмак ээрди жазданып, Күн чыгышты баш-*

*таныл, Алп уйкуну салыптыр* («Манас»). 2. Бир нерсенин кебете-кейпине окшоо, кейиптенүү. *Бордоку күрпөң баштанып Кел эми мага тең келгин* (Осмонкул). 3. Кандайдыр бир ишти иштөөгө, аткарууга пейилденүү. *Ал уруша турган баштанып турат.*

**БАШТАН II** Башынан, башталышынан. *Кайра баштан залимге Кармалам деп чочунам* (Токтогул). *Айтылат баары бир баштан Адамдардын мүнөзү* (Тоголок Молдо). // Кайра башынан түшүү, кайта кайталоо. *Ал ишти кайра баштан баштай турган болду.*

**БАШТАН АЯК** Тегиз, баары, бардыгы, толугу менен. *Болгон окуяны ал баштан аяк, шашпай айтып берди. Деле сүрүштүрүп тыяк-быяк, ата-жотолорубузду баштан аяк бүт билишет экен* (Бейшеналиев).

**БАШТАН КЕЧҮҮ** Бирөөнөн кутула жадоо, андан кутулуу аракетин жасоо, баш тартуу. *Баштан кечкен кесир болот, ойлон!* («Кыргызстан аялдары»).

**БАШТАН ӨТКӨРҮҮ** Турмуштун көп нерселерине (чоң кырсыкка, оор кайгыга, же жыргалчылыкка ж.б.) дуушар болду деген мааниде. *Оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). *Көрдүк бейм баштан өткөрүп, Кесирлүү жаат урушун* (Тоголок Молдо). **В.: Баштан кечирүү.** *Акындын жаштыгы катмар тоолордун ар жагындагы көрүнбөс дүнүйөдөй баштан кечирген кууралы, жыргалы менен алыстап далдоого сорулду* (Бейшеналиев).

**БАШТАН САДАГА** Баш аман калса болду, башканын кереги жок, кечтим, калганы эч нерсе эмес деген сыяктуу бирөөлөрдүн көңүлүн улоо, же өзүн-өзү сооротуу маанисинде. *Бир токол башыңдан садага, үнчүкпай тын дедиң. Тындым* (Бейшеналиев). – *Башыңыздан садага, бай, шумкардын канаты сыныптыр, араң эле жаны бар, – деди Кыяз* (Эшмамбетов). **В.: Баштан кулак садага.** – *Суранбай ал атымдын жалкуйругун алтындап алып келсе да албаймын. Баштан кулак садага!* (Сыдыкбеков). **Башы-көздөн садага.** *Жоголсо мейли, баштан-көздөн садага, – деп, анын көңүлүн улап койду* (Тойбаев). **Башка садага.** *Мейли малбашка садага* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШТАНААК** Баштап жүрүп кетме, баштап кетүүгө шыктуу. *Акийма баштанаак бээлер бир жакка баштап кетеби деген ой менен шектүү бээлерди алыстан түгөлдөп көрөт* (Жантөшев).

**БАШТАНДЫР баштан I** этишинин аркылуу мамилеси. Чыгышты баштандырып коюу.

**БАШТАНТ** 1. Баштан этишинин аркылуу мамилеси. *Машинаны тоону баштантып коюшту* («Чалкан»). 2. Башына бир нерсе жаздоо. *Башын жумшак баштантып* («Манас»).

**БАШТАҢ** Көбүнчө жаш кыз-келиндер ата-энелери үйдө жокто чогулуп, ортодон азык чыгарып, бир үйгө уюштурулган тамак. *Өткөн жумада Айнанын үйүнө баштаң таңдык.*

**БАШТАПКЫ** Алгачкы, мурунку. *Баштапкы учурларда. Баштапкы ишмердик.* ‖ Биринчи, адепки. *Баштапкы уюм.*

**БАШТАТ башта II** этишинин аркылуу мамилеси. *Бокмурун көчтү жөнөттү, Каркырага баштатып* («Манас»).

**БАШТАТАДАН баштатан** менен бирдей. *Баштатадан тааныш эмес болсок да, Санаабызда дайым бирге окшодук* (Маликов).

**БАШТАТАН** Мурдатан, башынан бери, мурунтан. *Баштатан кошулууну ойлосом да, Көз көрүп, жүрөк дартын айта албадым* (Бөкөнбаев). *Баян кылбай баштатан Байкабастан тим жүрөм* («Эр Табылды»).

**БАШТАШ башта II** этишинин кош мамилеси. *Күйөө-кыз минтип турганда, Кыз оюнду башташып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БАШТАШТЫР** Баштарын чогуу, бириктире же биринин башы экинчисине туш келгендей кылып коюу, жайгаштыруу. *Ууктарды керегелердин башына башташтырып коюу.*

**БАШТОО башта** этишинин кыймыл атоочу. *Атайга суроо берип, же тынчын кетирмейин өз алдынча сөз баштоосу кыйын* (Бейшеналиев).

**БАШТООЧ башталгыч** менен бирдей. *Баштооч мектептин жогорку классы Кычандар окуган үчүнчүлөр* (Бейшеналиев).

**БАШТООЧУ** Жол көрсөтүүчү, башкарып алып жүрүүчү, жетекчилик кылуучу. *Жол баштоочу.* // Алгачкы баштаган, негиз салуучу. *Касым Тыныстанов, Сыдык Карачев, Аалы Токомбаев – советтик кыргыз адабиятынын баштоочулары.*

**БАШТУУ** 1. Башы бар. *Жети баштуу желмогуз. Эки баштуу жылан.* 2. Үй-бүлөлүү, үй-бүлөсү көп. *Аппак үйлүү, зоот үйлүү, Колу иштүү, малдуу-баштуу, Ошо мен жеңекемди сагындым* (Маликов). 3. *өт.* Тартиптүү, адептүү, тартипке баш ийген, ирettүү. *Алардын үй-бүлөсү абдан баштуу. Кичинекей канаттуу жаныбарлардан болгону менен булардын баштуулугу укмуш* (Таштемиров). 4. *өт.* Акыл-эстүү. *Бузукунун өзүнө ишенбе. Сен баштуу кишисиң го* (Байтемиров).

**БАШТЫ БАЙЛОО** Бир нерсеге белсенип киришүү, тобокел кылуу, өлүмгө даяр туруу, кайра тартпоо. *Ансыз да кыйынчылыкка башты байлап бара жаткан жигиттин алдында өзүн кармоого тырышып көрдү* («Ала-Тоо»). *Эл ичиндеги эр азаматтар башты байлап, батышты карай майданга аттанышты* (Бейшеналиев).

**БАШТЫ ООРУТУУ** Болбогон бир нерсе-

лерди айта берип мазени алуу, тажатуу. *Көрүнгөн шылтоолорду айтып башты оорутту* («Ленинчил жаш»). *Эшик тындырбаган кардарлар кулактын кужурун алып, башты оорутушту* (Бейшеналиев). **В.: Башты чиритүү.** *Мындайда минтиш керек дегендер башты чиритишет ко* (Кыдырмышев). *Башты чиритип, баламды азыткыдай имерип, акыры артына качса анысын билдирсин* (Бейшеналиев).

**БАШТЫК I** Башчы, башкаруучу, жетекчи. *Кошой баштык карысы Беттеп адам барабы* («Семетей»). *Баштыгы акмак эмеспи, Баары журтта не жазык* («Сейтек»).

**БАШТЫК II** Ун-талкан, азык-түлүк жана башка ар түрдүү нерселерди салып коюу же ала жүрүү үчүн ылайыкталып жасалган буюм. *Шатен саймалуу кызыл баштыктан тамеки алып, Асанга ажардана карады* (Токомбаев). *Баштыктардын оозун чечип, тамактарын ортого салды* (Байтемиров).

**БАШТЫК-ҮШТҮК** Ар кандай баштык, баштыкча, капчык, дорбо, калталарга карата колдонулуучу жалпы ат. *Баштык-үштүк, куржуну Эшекке жаба салынды* («Мендирман»).

**БАШТЫКЧА** Кичинекей баштык. *Терини күбөдөн сактоо үчүн алардын арасына нафталин салынган баштыкчалар кошо салынат* («Айыл чарба»).

**БАШЧЫ** Белгилүү бир топту, ишти башкарып, жетекчилик кылуучу, башкаруучу. *Башчысы Бакай дагы бар, Баатырлардын баары бар* («Манас»). *Салык жылкы фермасынын башчысы болуп иштөөчү* (Каимов).

**БАШЧЫЛЫК** Башчы болуу кызматы, башкаруучулук, жетекчилик. *Звеного башчылык кылуу. Башчылыкка дайындоо.* ‖ *Башчылык кылып партия Калкын жоодон коргоду* (Осмонкул).

**БАШЫ АДАШУУ** Көп же татаал нерсенин учу-кыйрын таба албай чаташуу. *Кең төрлөр, эркинче жайылган калың мал, чынын айтсам, башым адашты* (Сыдыкбеков).

**БАШЫ АЧЫК** 1. Эч кимге менчиктелбеген, эч ким ээ болбогон, эч кимдин тиешеси жок. *Башы ачык оокат. Башы ачык буюм.* 2. Кудалашкан, сүйлөшүп макулдашкан жери жок (кызга карата), башка күйөөгө чыгуута, кетип калууга мүмкүнчүлүгү бар, кылчактай турган, кармала турган эч нерсеси жок (күйөөдөн чыккан, же жесир калган аялдарга карата). *Арзыган теңине жете албай зарыгып башы ачык кыз тургай, күнү үстүнө барган токолдор, кайындаган күйөөсүн чанган кыздар да сүйгөнүнө баш кошо баштады* (Сыдыкбеков). *– Кантип?! Менин башым ачык эмес да?* (Бейшеналиев). *Өнөрлүү келиндин башы ачык экендигин айтсам, акын токтоосуз учасың* (Бейшеналиев). **В.: Башы бош.** *Эмне үчүн «башым бош эмес» дедиң, башы бош да кыз болобу?* (Убукеев).

**БАШЫ АЧЫЛУУ** Эркиндигин алуу, өз алдынча болуу мүмкүнчүлүгүнө жетүү. *Үрпүкан энеси менен жеңесине сыр бөлүшсө, алары башы ачылмайынча анттташкан жигитин айыл четине жолотпоосун айтып безилдешти* (Бейшеналиев). *Жакында гана башы ачылып, эс-учун жыя баштаптыр* («Ала-Тоо»).

**БАШЫ АШКАБАК** *к.* **ашкабак баш.**

**БАШЫ БАЙЛАНУУ** 1. Бирөөгө менчиктелип, ыйгарылып калуу, башы ачык эмес болуу, бирөөгө башы байлануу, турмушка чыгуу укугу жок болуу (көбүнчө бирөөгө кудалап койгон кызга карата). *Ал кезде кыз бечаралар жаңыдан көзү ачылып келатканда бирөөгө башы байланып, күтүлбөгөн окуяга кез болушчу* (Каимов). *Жазыксыз наристе бирөөгө бармактайынан башы байланып, колукту болгону менен иши эмне?!* (Каимов). *Бармандын эрке кызы Айнагүл Асантайдын «торпогуна» башы байланганы жатат* (Сыдыкбеков). *– Атаа, ушул баланы эптеп үйлөндүрүп койсок, башы түбөлүк байланып, бизден кете албай калат эле* (Баялинов). 2. Кандайдыр бир ишке жоопкер, милдеткер болуу. *Анын башы байлануу да. Ишин таштап басып кете албайт, антүүгө да жарабайт* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШЫ БАПАН, АЯГЫ САПАН** Бытыранды, чачыранды, баш аламан, ар кайсы жакка андаалап, самсыган, азып-тозгон. *Катын бала, мал-мүлк менен эч кимдин жумушу жок, дүрдүккөн элдин башы бапан, аягы сапан* («Ала-Тоо»). *Эми андагы элдин көргөн күнүн айтпа, башы бапан, аягы сапан* (Элебаев).

**БАШЫ БАР** Бир нерсенин жөн-жайын жакшы билген, ар нерсени түшүнгөн, түшүнүгү жакшы. *Башы бар чымчык сага карматпас* (Осмоналиев). *Аны көрүп-билип турган башы бар киши кайдан... көк бөрүгө түшсүн* (Кыдырмышев).

**БАШЫ БАТУУ** Эптеп бир жерге орундашып, байыр алып, жайланышып калуу, акырындан аралашуу. *Минтип араң башы батып отурганда бир мертебе кадыр түн күткөнгө жарабай уйкуга көмөлөнгөнү уят* (Бейшеналиев). *Айылчы абасы «тентиреп Жумгалда жүргөндө көчүрө келип, оозуңа аш, үстүңө үй тигип, башың батып тыңыңганда, менин эмгегимди кайтарбай таштап каччу сенсиңби», – деп кине койсо, төрт айласы түгөнөр* (Бейшеналиев). **В.: Багалчагы батуу.** *Чу дегенде багалчагы батып, чоочун элге бышыгып, кең-кесири аралаша торолсунчу* (Бейшеналиев).

**БАШЫ БАТЫП, БАГАЛЧАГЫ СЫЙБОО** Сыйышып кете ала тургандай, ылайыктуу,

ыңгайлуу жай таба албоо, бир жерге байыр алып, туруктуу жай таап аралашып кете албоо. *Же башым батып, багалчагым сыйбай кетип калабы?* («Ала-Тоо»). *Башы батып, багалчагы сыйбай көрүнгөн жерде жүргөндө хан күйөөнүн аркасы менен оозу ашка, буту төргө жетип отурат* (Көчкөнов). **В.: Башы батып, балтыры сыйбоо.** *Башы батып, балтыры сыйбай жатып кылган ишин кара!* («Чалкан»). **Багалчагы сыйбоо.** *Бул жерге да багалчагым сыйбай кетип каламбы деп коркот* («Ленинчил жаш»).

**БАШЫ БАШ, БАГАЛЧАГЫ КАРА ТАШ** «Эмне болсоң ошо бол, өз убалың өзүнө, өз милдетиң өзүндө» деген мааниде көбүнчө тил албай, кежирлик кылган кишиге карата колдонулат. *Жок, атасын тартпай калды бул уул. Мейли, башы баш, багалчагы кара таш* (Айтматов). *Бирок, баласы анысынан баш тарптаган соң «менден калган бир тукум экенсиң да, башың баш, багалчагың кара таш» дегендей нааразы* (Медетов). *Башың баш, багалчагың кара таш! Ач бел, куу жондо өл!* (Айтматов)

**БАШЫ БОШ** *к.* **башы ачык.**

**БАШЫ БУЛУТКА ЖЕТҮҮ** Абдан жетишип, колунан бардыгы келип, болуп-толуп туруу. *Залимдердин башы бүгүн булутка жетсе да, келечеги сенин арбайың алыс учат* (Бейшеналиев).

**БАШЫ БҮТҮН, БООРУ ЭСЕН** Убайымсыз, кайгысыз, эч кемтиги жок, телегейи тегиз. *Тирүүчүлүктө башы бүтүн, боору эсен киши аз, кулундарым, чынарым куласа, чырпыгым бар, – деп Музооке баба «Муңдуу күүсүн» зыңылдата күңгүрөндү* (Бейшеналиев). **В.: Боору бүтүн, башы эсен.** *Бул күндөрдө боору бүтүн, башы эсен ток пейил адамдардын башына да ой түшкөн* (Каимов). Боору бүтүн. *Э, кызым, азыр кайда барсаң Мамайдын көрү. Боору бүтүн киши калбайт окшойт* (Абдукаимов).

**БАШЫ БЫША ЭЛЕК** Бир нерсенин жөнжайын абдан биле элек, түшүнө элек, абдан дасыгып кагыла элек, али жаш. *Башы быша элек Айымкан да үйдө эмне байлык бар, эмне жок жана өзү эмне бүтүрүп жүргөнүн күйөөсүнө айтчу эмес* (Каимов). *Чарбанын көп жагдайына түшүнө албай жаштык кылып жатат. Башы быша элек да* («Кыргыз Туусу»).

**БАШЫ БЫШКАН** Бир нерсеге абдан такшалаган, дасыккан, жакшы-жаманды башынан көп өткөрүп бышыккан, кадик болгон, кагылган. *Көптү көрүп, башы бышкан алардын жүрөгү кандайдыр мандем иштин болгонун туят* (Мырзаев). *Кандим болуп башы бышкан адамдай жигиттин жапылдаганын Айылчы жактыра ...мулуйду* (Бейшеналиев). *Бирок азыр башы бышкан Ал кездеги мен эмес. Мен жетим, жетилдим, эч кимиңден эми бала кем эмес* (Элебаев).

**БАШЫ ЖАЗДЫКТА, БЕЛИ ОТТУКТА ЭМЕС** Дени-карды соо, алдан-күчтөн тая элек, карылыгы жете элек, тың, колунан иш келет. *Башым жаздыкта, белим оттукта эмес ко, кудая шүгүр* (Үмөталиев). *Мусанын азыр башы жаздыкта, бели оттукта эмес. Аялы экөө тең куландан соо* («Чалкан»).

**БАШЫ ЖАШ** Көп нерсеге түшүнө элек, такшала элек, башынан жакшы-жаманды өткөрө элек. – *Эх, тиркич моюнум. Башың жаш. Муңайба. Мен мындайдын далайын көрбөдүмбү* (Бейшеналиев).

**БАШЫ ЖЕР САЮУ** Иши оңунан чыкпай бүлгүнгө учуроо, ойрону чыгуу, бедели түшүү. *«Э, бут уруунун шагын сындырган катынбаакы Серкебайдын башы жер сайса экен», –дешип, кычуусу каныш, Тазабекти жактай олтурушту* (Сыдыкбеков).

**БАШЫ ЖЕРГЕ КИРГЕНЧЕ** *к.* **башы көргө киргенче.**

**БАШЫ ЖЕРГЕ КИРҮҮ** 1. Өлүү, каза табуу, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу. – *Мен калган өмүрүмө ыракат тилеп отурганым жок, башым жерге кирсе о дүйнөдөн ыйман берсин деп, ошону тилеп отурам* (Укаев). *Сен менин элдешпес душманымсың. Мен аны башым жерге киргенде да унутпайм* (Осмоналиев). 2. Бирөөнүн алдында өзүн кылмыштуудай сезип тике карай албоо, баш көтөрө албоо, оңтойсуз абалда калуу, катуу уят болуу. – *И-и, бу киши жазуучу экен го? – деп палатадагылар күбүр-шыбыр болуп сүйлөшүп калышты, Качыкенин башы жерге кирип кетти* (Абдукаимов). *Баятан бери Жапардын көзүнө көп илинбеске аракет кылып, жашырынып бурчта отурган Зейнептин башы жерге кире түштү* (Баялинов).

**БАШЫ ЖЕТПӨӨ** Акылы жетпөө, аягына чейин толук жеткире түшүнө албоо. *Төрөңөрдүн шаан-шөкөт менен узатылганына башым жетпеди* (Осмоналиев). – *Макоом. Ушуга да сенин башың жетпейт. Айла жок...* (Бейшеналиев). **В.: Мээси жетпөө.** *Мындай кыйма-чийме тетиктерине биздин мээбиз жетмек беле?* («Жаш ленинчи»).

**БАШЫ ЖОК** Акыл-эси жок, начар, бир нерсенин жөнүн түшүнө албаган. *Сенин башы жок балдарың үчүн мектепке чакырылып жүрүп, чачым агарды. Карыттың! – деп урушчу элең* (Осмоналиев). *Эч жерде иштебесе, же үй-бүлөсү болбосо, ошентип жүргөнү жүргөн да андай башы жок ургандын* («Ала-Тоо»).

**БАШЫ ЖОК БАКА, КӨЗҮ ЖОК КӨГӨН** Жөн билгилик, акыл-эстүүлүк менен башкаргыдай, жетекчилик кылгыдай эч кимиси жок, ар кимиси өз билгенин иштей берүү деген мааниде. *Бизди чала уламаларга кор кылбай, бизди башы жок бака, көзү жок көгөн окшотпой, ата болуңуз* (Касым-

беков). **В.: Башы жок балапан, көзү жок көгөн.** *Башы жок балапан, көзү жок көгөн эмеспиз биз деле* (Абакиров).

**БАШЫ ИШТӨӨ** Бир нерсени жакшы түшүнүү, колунан келүү, жаман-жакшыны ажырата алуу, түшүнө билүү. *Жапжаш жигит, аспирант, башы иштейт* (Борбиев). *Кеп анда эмес, – кеп мунун башы иштегенинде, жакшы окууга жарайт* (Тойбаев). – *Макул, менин башым иштебесин, ал эми калгандар да акылынан айнып калдыбы* (Ашымбаев).

**БАШЫ КАҢГУУ** Эмне кыларын билбей айласы кетүү, аргасы түгөнүү, дендароо болуу. – *өзүм тентиреп, башым кангыган жанда не нуска калмак* (Бейшеналиев). *Кийинки запкыдан башым каңгып, көөдөнүм какшыды бейм.* (Бейшеналиев).

**БАШЫ КАРА, БУТУ АЙРЫ** Эптеп адам сөлөкөтү бар, адам аты бар. *Башы кара, буту айры чалга кетип баратам* (Тоголок Молдо).

**БАШЫ КАТУУ** Кандайдыр бир нерсе менен болуп көпкө ойлонуу, бир чечимге, бир пикирге келе албоо, эч тынанак чыгара албай убаралануу, айласы кетүү. – *Ох-х... Башым катып калды, көрбөгөн жерибиз болсо, ... Жол алыс, кантип барып келер экенбиз* (Саякбаев). *Бул аялдын чын айтканына, же тим эле кекээрлеп жатканына түшүнбөй Балтабайдьш башы катты* («Чалкан»). *Аны кандай кылып дарылоону билбей башы катты* (Кыдырмышев). *Мына ушинтип Алымкул нечен түрдүү ой-санаага батып, башы катып отурду* (Абдукаримов). **В.: Башы ооруу.** *Башы ооруган ушундай мезгилде: кула жоргосунун жоголушу, колго түшкөн ууруну айлына батынып кирип, бошотуп кетиши жаман жөрөлгө* (Осмоналиев).

**БАШЫ КЕҢГИРӨӨ** 1. Башы ооруган сыяктанып, өзүн начар сезүү, эч нерсеге көңүлү келбөө. *Анын кулагы чуулдап, башы кеңгиреп, көзүнө эч нерсе көрүнбөй калды* («Ала-Тоо»). 2. Өзүнчө бир чечимге келе албай ыргылжың болуу. *Каякка басарын билбей, башы кеңгиреп турду* (Укаев).

**БАШЫ-КӨЗДӨН САДАГА** *к.* **баштан садага.**

**БАШЫ КӨККӨ ЖЕТҮҮ** Жогорулоо, даражасы көтөрүлүү. *Апсамат да башы көккө жетти дегендердин бириби деп ойлойм* (Абдукаимов).

**БАШЫ КӨРГӨ КИРГЕНЧЕ** Өлөр-өлгөнчө, өмүрү бүткөнчө. *Башым көргө киргенче чыдамакмынбы?* (Бердикеев). **В.: Башы жерге киргенче.** *Бул жакшылыгыңды башым жерге киргенче унутпасмын, Чаке!* (Бейшеналиев).

**БАШЫ МАЛЫНУУ** Дуушар болуу, кез болуу. *Абаң менен алдыга Кете бергин деп айтып, Бактыга башы малынат* («Семетей»).

**БАШЫ МАҢ БОЛУУ** Айласы кетүү, эмне кыларын биле албай башы катуу. *Кандай айла болот деп, адамдын башы маң болуп* («Семетей»). *Байымбет кайсынысына ишенерин билбей башы маң болду* (Бейшеналиев). *Эмне үчүн мындай экенин биле албай башы маң болду* (Байтемиров).

**БАШЫ МЕНЕН** 1. *к.* **баш оту менен.** 2. Улуулугуна, же кандайдыр адамдык сапатына карабастан деген мааниде, көбүнчө, туура эмес иш кылган адамдарга карата наразылыгын билдирүүдө, уяткарууда колдонулат. *Сакалдуу башың менен ушундай да иш кыласыңбы? Колго түшкөн карышкырды эркек башың менен куткарып жибергениң уят эмеспи? Ичет, катын башы менен* (Жусупов). *Экинчиден, Серкебай, Серкебай башы менен эшигине келаткан мартабасына сыймыктанды* (Осмоналиев). *Эркек башы менен жерге көмөлөнүп өзү маскараланды* (Бейшеналиев).

**БАШЫ МЕНЕН ЖАТУУ** Көндүм, өнөкөт болгон адатын калтырбоо, аны өлмөйүнчө таштабоо. – *Болушуңду актабай эле кой. Анын мындай опуртмалуулугу башы менен жатат* (Бейшеналиев). *Сенин мындай катаал, кырс кыялың башың менен жатат го! Жалгыз балаңа ийикпесең, кимге жакшылык кыласың, – деп кемпир чалын жемелей баштады* («Ала-Тоо»).

**БАШЫ МЕНЕН ЖЕР КАЗУУ** Бүт мүмкүнчүлүгүн жумшоо, бардык күчү менен катуу аракеттенүү, өлүп-тирилип иштөө. *Кимдин кабыргасын кайыштырган кандай кайгысы бар экенин билсең, сүйлөшө алсаң, эл башы менен жер казса да бүтүрүп берет* (Абдукаимов). *Ансыз деле эчтемесин аябаган немелер дагы эле аябайт, башы менен жер казса да берет* («Кыргызстан маданияты»). *Башым менен жер казсам, Бай карабайт убалга* (Осмонкул). **В.: Төбөсү менен жер казуу.** *Төбөм менен жер казсам да жакшылыкты билбедиң* («Чалкан»).

**БАШЫ МЕНЕН ЖООП БЕРҮҮ** Иштин ошондой (адатта жаман) абалда калышына тикеден-тике жооп берүү, кандай жаза болсо да жеке өзү көтөрүү. *Көзүң кашайгыр, азыр таппасаң башың менен жооп бересиң!* (Тойбаев).

**БАШЫ МЕНЕН КИРИП КЕТҮҮ** Эч тартынбай, аянбай, бүт мүмкүнчүлүгү, бардык далалаты, кан-жаны менен абдан берилип аракеттенүү. *Эрдигине бел байлап, ынтымагыңа башым менен кирип кеткем, Ыркың бузба, баатырым, ырыс алды – ынтымак* (Тойбаев).

**БАШЫ ООГОН ЖАККА КЕТҮҮ** Бет алды кете берүү, максатсыз туш келди баса берүү, оюна эмне түшө калса, ошону иштөө. *Көчкөндөр башы оогон жакка илкип кетип жатышты* (Сыдыкбеков). *Ага катуулаганда мурдатан көндүм селсаяк... башы оогон*

*жакка бастыраары бышык* (Бейшеналиев). *Башым оогон жакка бурулуп баса бердим, кете бердим* (Борбиев).

**БАШЫ ООР** 1. Кебелбеген, абдан салмактуу, токтоо, оор басырык. *Унчукпас, башы оор шофердун бурк эткени угулду* (Өмүрбаев). 2. Бир нерсени анча этибар албаган, оңой менен жылбаган. *Жаш туруп мынча башы оор болорбу? Кайнене өз алдынча кобуранып жатты* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШЫ ОРДУНДА ЭМЕС** Акылынан айныган, бир нерсени жеткире ойлонбогон деген мааниде. *– Ой, деги башың ордунда эмес го, сенин?! – Катынды ээрчип кеткенди кайдан уктуң эле сен?! Бөтөн бирөө укпасын!* (Өмүрбаев).

**БАШЫ СЫНУУ** Башы абдан катуу ооруп, чыдоого мүмкүн болбогондой абалды билдирүүдө колдонулат. *Башым сынып турат.*

**БАШЫ ЧЕЛЕК БОЛУУ** 1. Аябай уруудан башы-көзү шишип кетүү. *Башы челек кан болду, Бүткөн бойдун баарысы Кыймылдагыс дал болду* («Манас»). 2. *өт.* Башы иштебей дал болуп калуу, башы дүңгүрөгөнсүп, ачык-даана ой жүргүзө албай калуу.

**БАШЫ ЧЫКПОО** Бир нерсеге киришип алып, андан кутула албоо, бошобоо, мүмкүнчүлүгү боло албоо. *Дээрлик көбү ичкенден башы чыкпай шишип-көөп, көчөдө калганын далилдер менен баяндайт* (Осмоналиев). *Буюрса, самоор кайнаткандан башың чыкпайт. Ага ашыкпа* (Абакиров). *Карыздан башы чыкпайт.*

**БАШЫ ШИШҮҮ** 1. Бир нерсени көпкө ойлонуп абдан алек болуу, аябай чаташуу, кыйналуу, маң болуу. *Ойлой берип башым шишиди, эч нерсе чыга турган эмес* («Чалкан»). 2. Акыл-эстен ажыроо, мээси иштебей калуу (мындай учурда көбүнчө тануу же суроо маанисиндеги сөздөр, мүчөлөр менен айкашып колдонулат). *Мында башы шишиген киши барбы?* (Сыдыкбеков). *Башым шишиптирби?*

**БАШЫ ШЫЛК ДЕЙ ТҮШҮҮ** Күнөөсү, айыбы ачылып, уяты чыгып, эч тана албай, тайсалдай албай, мойнуна коюлуп, аргасыз абалда калган учурларга карата колдонулат. *Күрүчбек эч сөз кайтара албай башы шылк дей түштү* (Осмоналиев).

**БАШЫ ЭКӨӨ ЭМЕС** Жөнү жок ишти иштей албайт, жоопкерчилигин мойнуна ала албайт, жаман ишке бара албайт. *Башым экөө эмес... Бузукуларды мен да калкалай албайм, аяй да албайм* (Сыдыкбеков).

**БАШЫЛ: кара башыл** 1. Башы кара. *Кара башыл ак буура, Кабактан чыга калгандай* (Маликов). 2. Кишинин өзүн белгилей көрсөтүүдө колдонулат. *Кара башыл киши жоготтум.*

**БАШЫЛА** 1. Жогору жагы менен, үстү жагы менен, баш жагы менен жүрүү. *Аңгыча Андрей экөө катарлаша бастырып, жар башылап келип калышты* (Байтемиров). 2. Баш-башынан оттоо, уч жагынан өтүү. *Койлор чөп башылап оттошот* (Сыдыкбеков). *Эрке жел чөп башылай жортуп леплеп* (Абдыраманов).

**БАШЫМ ТАРТУУ** Айтканына көнүү, дегенине макул болуу (көбүнчө кандайдыр бир өтүнүчүн аткарган кишиге карата). *Бул жакшылыгыңыз үчүн башым тартуу* («Ленинчил жаш»). *– Анда бөрү жүрбөс катмарлар менен кайкыйбыз. Башым тартуу* (Бейшеналиев). *Малы, мүлкү курусун, башым тартуу кылайын* (Жантөшев).

**БАШЫМА ЖҮН ЧЫККАНЫ** *к.* **бала болуп башыма жүн чыкканы.**

**БАШЫМДЫ КЕССЕ ДА** Эмне кылса да, өлтүрсө да, кандай жазаласа да (эч качан макул болбойм деген мааниде). *Абылкасым! Башымды кессең да, Салкынайдын торпогуна күбө боло албайм* (Абдукаимов). *Жасоолдукка башымды кессе да көнбөйм* (Бейшеналиев).

**БАШЫН АЙЛАНДЫРУУ** Ар нерсени айтып кызыктырып, алдап-соолап азгыра берүү, өзүнө тартуунун амалын жасоо, дегенине көндүрүү аракетинде болуу. *Бирок менин башымды айландырган Абдраим корбашы болду* (Мияшев). *Өлчөөсү кургурлар кийин кичүү кызым Галинанын башын айландырып өз чөйрөсүнө тартыптыр* («Советтик Кыргызстан»). *Ошентип Жамий мырза бир заматта Кашгарынын башын айландырып салды* (Бейшеналиев).

**БАШЫН АЛА КАЧУУ** Кандайдыр бир коркунучтан, кырсыктан, кыйын абалдан кутулуу аракетинде болуу, жан далбасалоо. *Не бир түркүн жигиттер, өлүмдөн башын ала качам менен андан күчтүү кордукка жолугат* (Осмоналиев). *Жүзүңдү жашырып башыңды ала качып, шагыңдан алыс түшпөпсүң* (Бейшеналиев). **В.: Башын арачалоо.** *Мал-мүлк менен эч кимдин жумушу болгон жок. Ар ким өз башын арачалады* («Ала-Too»).

**БАШЫН АЛБОО** Бир нерсеге абдан кунт коюп, берилип катуу киришүү. *Зулумдун аялынын колкосу, өтүнүчү боюнча акын дептерден башын албай, шыктанып гана жазуу үстүндө* (Бейшеналиев).

**БАШЫН АЛУУ** Өлтүрүү, жок кылуу, көзүн тазалоо. *Түндө Саматтын башын алып кетиптир* («Ала-Too»). *Анын башын алуу керек! – деди береги кумсарган жигит* (Касымбеков).

**БАШЫН АРАЧАЛОО** *к.* **башын ала качуу.**

**БАШЫН АТТОО** 1. Күйөөсүн теңсинбей чанып кетүү, күйөөсүн таштап башка бирөөгө ооп кетүү. *Кызын тынчытсын, же ал менин башымды аттап чанганы жүрөбү*

(Токомбаев). *Менин гана башымды аттайт э, томаяктын кызы* (Сыдыкбеков). 2. Тийиштүү адамга айтпай, билдирбей туруп, өз билгенинче иш кылуу, аны көзүнө илбөө. *Башымды аттап, сөзүмдү таштап Бекназардан калка күтүп кеткен экен деп каарына алса кантти?* (Касымбеков). *Эрез талашкан коңшу манап калпа ажынын ага кеңешип-таңашпай башын аттап, ажыдаардай оп тартып тереңдеп бараткансына Касымбек терикти* (Бейшеналиев). *Көзүмдүн тирүүсүндө дөө да, шаа да башымды аттай албайт* (Сыдыкбеков).

**БАШЫН АЧУУ** 1. Кудалашкан кыздын же жесир аялдын башка бирөөгө чыгуу мүмкүнчүлүгүн чечүү, эркиндик берүү. *Кудалуу кыздын башын ачуу үчүн, башкасын айтпаганда да, элүүдөй ири кара керек эле* (Каимов). – *Башымды ачып кетсин,* – *деп Салима атасына айттырган* (Абдукаримов). 2. Кандайдыр бир нерсенин, иштин жөн-жайын такташтырып ажыратуу. *Ырас келдиң, баягы иштердин башын ачып кетпесең болчудай эмес* («Ала-Тоо»).

**БАШЫН БАЙЛОО** 1. Өз эркинче боло албоо, бирөөгө көз каранды болуу, бирөөлөрдүн бийлигинде, кол алдында болуу. *Башымды байлап коюп, мени да, аялымды да кул, күң ордуна жумшайт экен* (Баялинов). *Башын байлап коюп күң урунууну билбейсиңби, эси жок эселек* (Турусбеков). 2. Тобокелге салуу, эч нерседен кайра тартпай белсене киришүү, өлүмгө да даяр туруу. *Сен айткан жыргал заман үчүн мен башымды өлүмгө байлап койгомун* (Жантөшев). *Мен эл-жер үчүн, силер үчүн деп башымды байлап коюп, күн-түн дебей жер кезип жүрөм* («Ала-Тоо»). *Тобок «туулдум, өлдүм» тобокелге башын байлап, элдин намысы үчүн макулдайт* (Бейшеналиев).

**БАШЫН БИРИКТИРҮҮ** Бир жерге жыйноо, чогултуу, топтоо (көбүнчө ынтымакка келтирүү, биргелешип кеңеш куруу же сый көрсөтүү, коноктоо маанисинде). *Сен болсоң жигиттердин башын бириктирип жатасың* («Ала-Тоо»). *Элдин башын бириктирди* (Жусупов). **В.: Башын кошуу.** *Балыкчылардын айлынын башын кошуп, бириктирип отурган уюткусундай эле* (Укаев). *Райдын бошонуп келген шылтоосу менен Акбала ушул айылдын сыйлуу кишилеринин башын кошуп, коноктоп жибермек болду* («Ала-Тоо»).

**БАШЫН БОШОТУУ** Эркиндик берүү, азаттыкка чыгаруу. *Бирок, башымды бошотуңуз, өмүр бою жакшылыгыңызды унутпаймын* (Абдукаимов).

**БАШЫН ЖЕДИ** 1. Жок кылды, жоготту, көзүн тазалады, өлтүрдү, өмүрүн кыркты. *Кандуу согуш далайдын башын жеди* («Кыргызстан маданияты»). – *Кул-күтан, жарды-жалчыдан канчасынын башын жеди.* – *Өзгөнү коёлу... баатыр Шеримбектин эле куну канчага турат?* (Бейшеналиев). 2. Өзүнө өзү зыян келтирди, өзүн кырсыкка, өлүмгө дуушар кылды. *Ал ошентип тил албай жүрүп, башын жеди.* **В.: Башын жутуу.** *Кек кууган Эсир акыры Оросулдун башын жутту* (Осмоналиев). *Тартипсиздикти баштагандар керт башын жутарына түшүнүштү* (Бектенов). *Айкаш абдан катуу болуп, эки тараптан тең миңдеген адамдардын башын жутту* (Үмөталиев).

**БАШЫН ЖЕРГЕ САЛУУ** 1. Тике карай албоо (көбүнчө бир нерседен тартынып уялган, же өзүн күнөөлүүдөй сезип кысылган абалга карата). *Асан айбыгып башын жерге салды* («Ала-Тоо»). *Ошондо гана үйдөгүлөр жапырт башын жерге салып кызарып кеткен Асылбекти карап калышты* (Абакиров). 2. Капа болгон, көңүлү чөккөн, сабыры суз абалда шылкыйып төмөн кароо, баш көтөрбөө. *Кибиреп ушул да капаны сезгенсип, башын жерге салыптыр* (Жусупов). *Анын үшкүрүгү отургандарга муздак шамалдай бир тийип, баары башын жерге салып калышты* (Абдукаимов). *Салый менен Эсир башын жерге салып, түнөрүп үйгө киришти* (Осмоналиев). **В.: Башын салаңдатуу.** *Башын салаңдаткан бойдон менин жанымдан акырын өтүп кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Энесинин өлгөндүгүнө бир жыл болгондугун эстеп, баятан бери Букөш башын салаңдатып отурат* («Ала-Тоо»). **Башын салуу.** *Бир кедей басып барды башын салып, Далайга оозу барбай зааркаңып* (Маликов).

**БАШЫН ЖЕРДЕН АЛБОО** 1. Бир нерсеге абдан берилип, жан дили менен киришүү, баш көтөрбөй, тыным албай катуу аракеттенүү. *Зулумдун аялынын колкосу, өтүнүчү боюнча башын жерден албай иштөөдө* (Бейшеналиев). 2. *к.* **Башын жерге салуу** 1, 2. *Мамбеткул атасынын каарына калып, айыптуу болгон баладай башын жерден албай, анын соңунан ээрчип отурду* (Каимов).

**БАШЫН ЖУТУУ** *к.* **башын жеди.**

**БАШЫН ИЙНИНЕ КАТУУ** *к.* **башын катуу.**

**БАШЫН КАНЖЫГАГА БАЙЛОО** Жоокерчилик учурда душманга каршы чыгуу, эч тартынбай өлүмдү бет алуу, тобокелге салып белсене киришүү. *Эми алар маңдайга жазганды көрдүк дешип, баштарын канжыгага байлап салышты* (Садыбакасов). *Же анын башын канжыгага байлап чыккан суук түрүн байкадыбы, айтор, айылга кире алган жок* (Укаев).

**БАШЫН КАТУУ** Жашырынуу, изин жашыруу, бир нерсеге аралашпоо, көрүнбөө, андан өзүн алыс кармоо аракетинде болуу. *Кедей туугандын атына өтүп, башымды катып жашырган түбүмдү чукуп,*

*абтарыйкатымды ойрондотуп жүрбөсүн* (Бейшеналиев). *Бай-манаптар өзгөрүштү кабылдабай, мал-мүлкүн жашырып, башын катып, тоо-таш жамынып четтен күч издешүүдө* (Бейшеналиев). **В.: Башын калкалоо.** *Көрсө, ал сот өзүнүн чыныгы жүзүн жашырып, башын калкалап жүргөн бир улутчул жана Бийаалы, Түркмөндөр менен байланышкан сот экен* (Жантөшев). **Башын ийнине катуу.** *Апсамат эрксизден башын ийнине ката койду* (Жакыпбеков).

**БАШЫН КАТЫРУУ** Болбогон бир нерселер жөнүндө айта берип катуу ойлонтуу, мазесин алуу, алек кылуу, башын маң кылуу. – *Сатканынын бизге кереги эмне! – Башымды катырбачы менин* (Осмоналиев). **В.: Башын кычытуу.** *Экөө эки жагынан чыгып, анын башын кычытып баса берди* (Осмоналиев). **Башын оорутуу.** *Орунсуз сөздү айтып, Түлөбердинин башын оорутчу эмес* (Жантөшев).

**БАШЫН КОШУУ** *к.* **башын бириктирүү.**

**БАШЫН КӨТӨРӨ АЛБОО** Бир нерсеге катуу санааркап, көңүлү чөгүү, басынуу, абдан мүңкүрөгөн абалда болуу. *Байымбет кейиштен башын көтөрө албай турган учурда Букарбайдын кылчактап, коё турайын дегени ыраазы кылды* (Бейшеналиев). *Момун адам дагы да башын жерден көтөрө албай калды* (Укаев).

**БАШЫН КУТТУКТОО** Кандайдыр бир жагымсыз начар иштен (катуу оорудан, чоң кырсыктан, узак жолдон ж.б.) аман калган адамга сый көрсөтүү иретинде кийим-кече кийгизүү, же бир нерсе тартуулоо. *Ой, айтмакчы, сен, Максут акенин башын куттуктоого камын* (Турусбеков). *Иниң өзү келгенде башын куттуктап ат мингизейин* (Жантөшев). *Куру кол кантип барасыз. Башын куттуктаганга не ылайык?!* (Бейшеналиев).

**БАШЫН КЫЧЫТУУ** *к.* **башын катыруу.**

**БАШЫН МАҢ КЫЛУУ** Эмне кыларын билбей айласы кеткен абалга калтыруу, башын катыруу. *Агыштын уулу Кыязды Айла менен үркүтүп, Амал менен коркутуп, Сөз салып башын маң кылды* («Сейтек»). *Ал эмең ошол туюк кемегени көрсөтүп, элдин башын маң кылып, азгырып, кандуу коогага дүүлүктүрүп жатат* (Касымбеков).

**БАШЫН ООРУТУУ** *к.* **башын катыруу.**

**БАШЫН САЛАҢДАТУУ** *к.* **башын жерге салуу.**

**БАШЫН САЛУУ** *к.* **башын жерге салуу.**

**БАШЫН САЮУ** Өлүмдөн кайра тартпоо, эч тартынбай, тайманбай белсене киришүү, тобокелге салуу. – *Жалгыз аттан ажырап, боорум менен жылгыча, азуулуулар үчүн сайдым башымды* (Бейшеналиев). *Башын сайып, мал-мүлкүн чачса да пенде чыдагыс өч алат* («Кыргызстан маданияты»). *Өзүңдүн таежең экөөбүздү калкалаары чын болсо, башымды сайдым* (Бейшеналиев). **В.: Башын тигүү.** *Далай жылдар бою башын тигип күрөшкөндөгү көксөгөн максаты ушул күн эле го* (Бектенов). *Мына ушул силердин бактылуу турмушуңар үчүн башын тигип өмүрүн кыйган баатыр аталарыңарды эстен чыгара көрбөгүлө, айланайындар* (Өмүрбаев).

**БАШЫН ТАШКА КОЙГУЛАСА ДА** Эмне кылса да, канчалык аракеттенсе да (көбүнчө, эч мүмкүн эмес, аткарууга болбойт, иш жүзүнө ашпайт деген мааниде). *Мен башымды ташка койгуласам да бир учурган кушум кайрылып келип колума конбойт* (Абдукаимов). *Башымды ташка койгуласам да толу аяк толугу менен колго тийбей турганына түшүндүм* (Каимов). **В.: Башын ташка урса да.** *Ушул азыр башымды ташка урсам да эчтеке чыкпасына көзүм жетип эле турат* (Абдукаримов).

**БАШЫН ТЕГЕРЕТҮҮ** 1. Азгыруу, өзүнө тартуу, айла-амал менен бир нерсеге макулдатуу. *Эртең жанагы тоголонгон семиз энесинин башын тегеретип кел* («Кыргызстан маданияты»). *Үзүлүп-түшүп, айланып-кагылып, өпкө-жүрөгүн чаап, башыңызды заматта тегеретип таштайт* (Борбиев). *Осмондун башын тегеретип көрдү* (Саатов). 2. *дин.* Дубалап сүйдүрүү, тартуу деген мааниде. *Анын башын тегеретип алса керек. Мончоктой болгон балдарына да карабай ээрчип кете берди* («Чалкан»).

**БАШЫН ТИГҮҮ** *к.* **башын саюу.**

**БАШЫНА БАК КОНУУ** Иши оңолуу, мансабы, мартабасы, зоболосу көтөрүлүү. Башыңа *бак консун, ырыс этегиңен жалгасын* (Сыдыкбеков). *Эми жаңы өкматтын аркасында башына бак конгон мына бул кайниңдин аркасы да* (Сыдыкбеков). *Майданда жүргөн жеринде, Бак консун сенин башыңа* (фольк.). **В.: Башына куш конуу.** *Бактыбектин башына куш конуп, болуптолуп турган кези* («Ала-Тоо»). *Бак кушу конуп башына, Жаш кошкондой жашына* (Ш. Үмөталиев). **Башына кут конуу.** *Анын башына кут конду. Башына кут конгон киши.*

**БАШЫНА БУЛУТ АЙЛАНУУ** Кыйынкыстоо ишке дуушар болуу, мусапырлык башына келүү, айласы кетип, кыйналган абалда болуу. *Башыбызга булут айланып, жүлүнүбүз үзүлүп, жүрөгүбүз жараланып турат* (Ш. Үмөталиев). **В.: Башына булут ойноо.** *Нөкөндүн ыйманы учуп, башына булут ойноп кеткендей болду* (Ш. Үмөталиев). **Башына кара булут айлануу.** *Кеткениң байкалып, башыңа кара булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың...* (Касымбеков).

**БАШЫНА ЖАҢГАК ЧАГУУ** *к.* **башына май кайнатуу.**

**БАШЫНА ЖЕТҮҮ** Өзү кылган иштин кесепетинен кырсыкка учуроо, кыйычылыкка дуушар болуу. *Көргөн-билгендер өзүнүн кылганы өз башына жетти дегендей болсун* (Турусбеков). *Өз мойнуна кара чаар жылан болуп оролгону – өзүң кылган жаман жорук өз башыңа жеткени* (Касымбеков).

**БАШЫНА ЖҮН ЧЫККАНЫ** *к.* **бала болуп башына жүн чыкканы.**

**БАШЫНА ИШ ТҮШҮҮ** Кирептер болуу, кыйын-кыстоо абалда калуу. *Жездем экөөңдүн башыңа иш түштүбү?* (Тойбаев). *Башыңа иш түшкөндө акылдуу кишилер, пулдуу кишилер белдүү келет, билип кой* (Касымбеков). **В.: Башына мүшкүл иш түшүү.** *Чыныгы адам гана башыңа мүшкүл иш түшкөндө колунан келген жардамын аябайт тура* («Ленинчил жаш»).

**БАШЫНА КАМЧЫ ОЙНОТУУ** Камчыга алуу, камчы менен катуу сабоо, камчылап жазалоо. *Акындын башына камчы ойнотуп, колу жеткендери күрсүлдөтө муш шилтешип, былчылдата тепкилеп сүйрөштү* (Бейшеналиев).

**БАШЫНА КАРАН КҮН ТҮШҮҮ** Оор кайгыга, чоң жоготууга учуроо, кырсыкка дуушар болуу. *Башына каран күн түшкөн Сансыздын алачыгы күндөгүсүнөн беш бетер шүмүрөйгөнсүп турат* (Жантөшев). **В.: Башына каран түн түшүү.** *Дөөлөттүүбү, жакырбы, деги адам баласынын башына каран түн түшпөсүнчү* (Бейшеналиев). *Мен Сагындык байда малай болуп азап тартып жүргөндө Карындашым Зууранын башына түн түшүптүр* («Кыргызстан аялдары»). **Башына күн түшүү.** *Алымдын башына күн түшүп турган убагы* (Жантөшев). *Эл башына күн түшүп турган соң үйдө жата албадым* (Укаев). *Адам башына оор күн түшкөндө өмүрүндөгү жакшылык кылган, ынак адамдарды эстейт экенсиң* (Жусупов). **Башына түн түшүү.** *– Ымыртта жолун жарык кылган эски каухарынын билигин өзү тепсеп өчүрсө, анын эмнесине күйүнөбүз, бу кагандын өз башына түн түшкөнү* (Касымбеков).

**БАШЫНА КЕЛҮҮ** 1. Кандайдыр бир ой пайда болуу. *Аяк-быякты ойлоп көрсөм, акыры бир акыл башыма келди* (Жигитов). 2. Ойдо жок ишке дуушар болуу. *Далай адамга сынтакчу элем, кантейин, өз башыма да келди* («Ала-Тоо»).

**БАШЫНА КИРБӨӨ** 1. Түшүнбөө, түшүнө албоо. *Ушинтип молдолор тарабынан өмүрдө укпаган сөздөр сүйлөнүп жатты. Алардын бири да менин башыма кирген жок* (Элебаев). 2. Эч ойлобоо, оюна да келбөө. *Арзыматты сүйүү деген ой башына да кирген эмес* (Жантөшев).

**БАШЫНА КӨТӨРҮҮ** 1. Абдан ардактоо, урматтоо, сыйлоо, кадырлоо. *Эли-журтуң сени башына көтөрөт. – Сен бүткүл элдикисиң* (Бейшеналиев). 2. Ызы-чуу, уу-чуу салуу, тынчтыкты бузуп дүрбөлөң түшүрүү. *Тамды башына көтөрүп кыйкырат дейсиң, тим эле үйдөн безип чыгып кеткиң келет* (Мырзаев). *Айылдагы кыз-келиндерге чаң салып, бүт айылды башыма көтөрчүмүн* (Абдукаимов).

**БАШЫНА КҮН ТУУГАНДАЙ** Издегени табылып, иши оңолуп, төбөсү көккө жете түшкөндөй. *Эл арасында Кумарбек да жүрөт. Акинайды көрдү. Башына күн туугандай сүйүндү* (Осмоналиев). **В.: Башына күн, аягына ай туугандай.** *Күткөн адамы келип, башына күн, аягына ай туугандай сүйүндү* (Өмүрбаев).

**БАШЫНА КҮН ТҮШҮҮ** *к.* **башына каран күн түшүү.**

**БАШЫНА КУТ КОНУУ** *к.* **башына бак конуу.**

**БАШЫНА КҮЧ КЕЛҮҮ** Бир нерсенин оорчулугун тартуу, кыйналуу. *Карып башка күч келди.*

**БАШЫНА КУШ КОНУУ** *к.* **башына бак конуу.**

**БАШЫНА КЫЛЫЧ КАРМАСА ДА** Зордосо да, кыйнаса да, аргасыз кылып коркутса да. *Башына кылыч кармаса да мындан эч нерсе чыгар эмес. Билбейм дегенден башканы айткан жок* («Ала-Тоо»).

**БАШЫНА КЫЛЫЧ ОЙНОТУУ** Кыргын салуу, кылычташып чабышуу, катуу кармашуу. *Башына кылыч ойнотуп, Каарданып кирди эле* («Манас»). *Алысыраак балбанды, Айза менен сойлотту, Андан жакын келгенин, Башына кылыч ойнотту* («Сейтек»). *Топ арасы улам суюлуп, каардуу душмандын башына кылыч ойнотуп жатты* (Абдукаримов).

**БАШЫНА МАЙ КАЙНАТУУ** Бирди көрсөтүү, сазайын окутуу, кыйноо, катуу жазалоо. *Шашпа колума тийсең башыңа май кайнатармын, – деди Карачал* («Ала-Тоо»). *Башыңарга май кайнатып жиберейин.* **В.: Башына чай кайнатуу.** *– Эми оңбой калдың, Сендей ууру иттей шимшиген селсаяктын башына чай кайнатуу керек* (Бейшеналиев). **Башына жаңгак чагуу.** *– Эмне, Арапбай башыңарга жаңгак чагып жатабы?* («Ала-Тоо»). *Сендей иттин башына жаңгак чагамын* («Кыргызстан маданияты»). **Мээсине май кайнатуу.** *Айдарбек датка баштаган чоң муштумдардын мээсине май кайнатайын* (Жантөшев). **Мээсине чай кайнатуу.** *Кыскасы бай-манаптардын мээсине чай кайнатып, жүрөгүн ала баштадык* (Жантөшев). **Чокусуна чай кайнатуу.** *Анын колуна тийсең чокуңа чай кайнайт* («Ала-Тоо»).

**БАШЫНА САРЫ ЧАЛУУ** Сары түс кайгы, убайым, санаа тартуунун белгиси. Башка сары чалуу (өңү сары түстүү чүпүрөктөн селде чалынуу, сары жоолук менен

башын бууш, ж.б.) капа болуп туталанууНУН, катуу убайым жеп, санааркагандыктын белгиси. *Жаалданып калыптыр, Башына сары чалыптыр* («Манас» С.О.).

**БАШЫНА СОЮЛ ТИЙГЕНДЕЙ** Заматта, күтүлбөгөн жерден бир нерсе катуу таасир эткендей. *Жаш өкүл башына союл тийгендей чукул бурулуп, башкарма Балтабайды карай ызырына жөнөптүр* («Кыргызстан маданияты»).

**БАШЫНА СУУ КУЮУ** Жок кылуу, аягына чыгуу, бүтүрүү. *Эмне болсо ошо болсун, түндө туура жүз сомдун башына суу куюп аттаныпмын* (Сыдыкбеков).

**БАШЫНА ТҮН ТҮШҮҮ** *к.* **башына каран түн түшүү.**

**БАШЫНА УРУУ** Кереги деле жок, эмне кылат эле, эмне кереги бар эле деген маанидe. *Башыңа урасыңбы? Аны мен башыма урмак белем.*

**БАШЫНА ЧАЙ КАЙНАТУУ** 1. *к.* **Башына май кайнатуу.** 2. Маанисиз сөздөрдү айтып алагды кылуу, тажатуу. *Кечээтен бери арыз-арманын айта берип башыма чай кайнатты* (Бейшеналиев).

**БАШЫНА ЧӨП СЫНДЫРУУ** Күтүлбөгөн окуя боло калганына, же таң каларлык ишти белгилөөдө тамаша иретинде айтуу. *О, балдар, жаңылык, башкарма келди. Башына чөп сындыралы! – деп Өмүрбек күлө басып келди* (Жусупов). *Күмүштүн башына чөп сындырып койгула, биринчи биздин үйүбүзгө бут басып олтурушу, – деди Кулапия* («Ленинчил жаш»).

**БАШЫНА ЧЫРАК ЖАГУУ** Жыргатуу, чеке жылытуу, жакшылык көрсөтүү. *Карабек жакшылык ойлоп, биздин башыбызга чырак жакканы келе жатат дейсиңби?* (Жантөшев). *Орозахун менен Азимакундун баштарына чырак жагып, төрт тараптарын кыбыла кылды* (Жантөшев).

**БАШЫНАН АШТЫ** Кылган кылмышы, күнөөсү жетишерлик болду, ашынып кетти. *Канкор Калпанын кылдан кыйкым тапкан аксымдыгы, кара мүртөздүгү башынан ашты* (Бейшеналиев).

**БАШЫНАН БАКЫТ КАЧУУ** Иши кыйшандоо, кыйчалыштоо, дөөлөтү кетүү, даражасы төмөндөө, начарлоо. *Башыңан бактың качкан соң, Адам эмес, жаш бала коркпойт заарыңдан* (Токтогул). **В.: Башынан бак таюу.** *Жыл өткөн сайын Күрүчбектин курчу кетилип, мизи мокоп, башынан бак таюуда* (Осмоналиев). **Башынан бак кушу учуу.** *Башынан бак кушу уча баштаган бай, манаптардын каршылыгы күчөй баштады* (Жантөшев).

**БАШЫНАН баштатан** менен бирдей. *Башынан билем мен сени Балыктын уулу Найманым* (Токтогул). *Булбул чечен башынан Буруп-буруп сайраган* (Осмонкул).

**БАШЫНАН КУШ УЧУРБОО** Ардактап, бөпөлөп асыроо. *Байкуш ата-эне жалгыз кыз деп, көзүн карап, башынан куш учурбай бакты* («Ала-Тоо»).

**БАШЫНАН МАЙ АГУУ** Ашып-ташкан кененчиликте, жыргалдын үстүндө жашоо. *Эзүүчүлөрдүн оокатында жүргөндө... жинкиндери түгөнүп шорлогон кургурлар, өзүнө-өзү ээлик болгон, башынан май аккан жыргал турмушка жеткенине ыраазы* (Бейшеналиев).

**БАШЫНАН ТАЯК КЕТПӨӨ** Бир канча убакыт катуу токмок жеп, кордук көрүү. *Асылкандын башынан таяк кетпейт. Аны жашырат. Баарын ичине сактап ууугуп баратат* (Өмүрбаев).

**БАШЫНАН ЧЫКПОО** Бир нерсени унута албай кайра-кайра эстей берүү. *Бирок Мариясы Паризектин башынан чыкпайт, эч унута албай койду* (Ашымбаев). *Кайран бала чагымды кайра-кайра эстеп, башыман чыкпай, катуу кусадар болдум* (Жигитов).

**БАШЫҢ БАШ, БАГАЛЧАГЫҢ КАРА ТАШ** «Эмне болсоң ошо бол, өз убалың өзүңө» деген мааниде көбүнчө айткан тилди албай койгон кишиге карата колдонулат.

**БАШЫҢА КӨРҮНГҮР!** Болгон кырсык бардык балээ сага болсун, өз башың менен кетсин деген сыяктуу жек көрүү маанисиндеги каргыш. *О, ыймансыз каапыр! Башыңа көрүнгүр! Уятың болсо чыныңды айт* (Тойбаев). **В.: Кара башыңа көрүнгүр!** *Кара башыңа көрүнгүр! Эмне эле таң атпай шаңшып калган. Бул бала-бакыранын жанын койбойт ко* (Укаев).

**БАШЫҢДЫ ЖУТКУР** Каргоо маанисинде колдонулат. – *Ии, башыңды жуткур, бала эмес эле желмогуз го? Жубарымбек!* (Осмоналиев).

**БАЮУ I байы I** этишинин кыймыл атоочу.

**БАЯ** Жанараак, мындан бир аз мурда. *Бая жыйналышта начар бригадир деп Арзыкулду Акунжан сынга алган* (Байтемиров). *Бая жаан кыбыладан жаады эле, эми түштүктөн түндүктү карай чаба жаады* (Байтемиров).

**БАЯ КҮНҮ** Жакында, өткөн күндөрдүн биринде, өгүнү. *Бая күнү ата-энелердин чогулушуна барганда, мугалимдер уят кылды* (Таштемиров).

**БАЯБАН** *туурасы:* **биябан.** *Кур баябан чөл болуп, Дарыя чалкар көл эмес* («Манас»).

**БАЯГЫ** Мурунку, өткөндөгү, мурдагы. *Баягы эле Максут ушул эмеспи* (Турусбеков).

**БАЯГЫДА** Мурда, бир кезде. *Баягыда чайналдың, Бай-манаптын тишинде* (Токтогул).

**БАЯК** Казан кыргыч.

**БАЯКЫ баягы** менен бирдей. *Ошол кезде баякы, Сыйкырчы кемпир жетиптир*

(«Эр Төштүк»).

**БАЯН I** Бир нерсе жөнүндө, кандайдыр бир ал-абал жөнүндө билдирген кабар, кандайдыр бир маалымат, аңгеме. *Аз өмүрдүн өзүндө ар адамдын баштан өткөргөнү өзүнчө баян* (Сыдыкбеков). *Омор аке менин узун сабак баяным, балким сизди тажата баштагандыр* (Сыдыкбеков).

**БАЯН II** Татаал системадагы чоң гармонь, кыяк. *Баян үнүнө бийлеп жаткан жаштардын арасында Иван менен Садык* (Жантөшев).

**БАЯНАЛУУ** Ыңгайлуу, оңтойлуу. *Баяналуу күн тууса, Балдарың табар эсебин* (Тоголок Молдо).

**БАЯНДА** Болгон окуянын жөн-жайын айтып түшүндүрүү, кабарлоо, кандайдыр бир нерсе жөнүндө айтуу. *Каргылданып, кайгырган добуш менен Баяндады бир эрдин окуясын* (Токомбаев).

**БАЯНДАЛ баянда** этишинин туюк мамилеси.

**БАЯНДАМА** Баяндап айтылган, түшүндүрүлгөн, кандайдыр бир маселе билдирилген кабар, доклад.

**БАЯНДАМАЧЫ** Белгилүү бир темада (илимий, саясий ж.б.) баяндама менен чыгып сүйлөгөн, баяндама жасаган адам.

**БАЯНДАТ баянда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БАЯНДОО баянда** этишииин кыймыл атоочу. *Шарип өз оюн ишенимдүү баяндоого өттү* (Бейшеналиев).

**БАЯНДООЧ** *грамм.* Баш мүчөнүн кыймыл-аракет бөлүгүн баяндап турууучусу, ээни баяндай турган баш мүчөнүн бири.

**БАЯНДОС** 1. Ээрдин үстүнө салына турган кичине төшөк – көрпөчө. 2. Олтуруу үчүн алдыга салынуучу төшөк. Адатта, кымбат материалдардан, кооздолуп жасалат. *Баяндос мамык салдырып* («Манас» С.О.). *Кара көрпө көлдөлөң, Баяндоз кабат бүктөгөн, келип конуп болушту* («Эл адабияты»).

**БАЯНИСТ** Баянда ойноочу.

**БАЯС** *миф.* Жомоктогу кылыч куйруктуу жаныбар.

**БАЯТ I** 1. Бетине чоң-чоң гүл түрүндөгү түр түшүрүлүп токулган жибек кездеме. 2. Ошол кездемеден тигилген сырт кийим. Көбүнчө кементай сымал жеңи жок, алкымынан жип менен байлап коё турган, желбегей кийилүүчү кийим. *Алтындуу баят жамынып* («Манас» С.О.).

**БАЯТ II** Ыр, ыр саптары. *Пайда болду бир баят (он тогуз сөз) – Бир мааниге саптарын улаштырып* (Байзаков).

**БАЯТАДАН баятан** менен бирдей. *Таттуунун баятадан бери суроого камдап алган суроолору кумга сиңген тамчы суудай дайынсыз жоголду* (Байтемиров).

**БАЯТАН** Жанатан, бир аз убакыт алдыда, мурдатан, эртеден. *Баятан араң отурган боз балдар эми каткыра күлүштү* (Сыдыкбеков). *Баятан лепилдеп жорткон серүүн жел, көрсө машина зымырап учкандагы чыккан эпкин тура* (Сыдыкбеков).

**БЕГЕ** Жемиштин бир түрү. *Ачкыл жегиң келсе, кайнатаңа айтайын, базар күнү беге деген азыр чөп болуш керек, ошондон алып келсин* (Мавлянов).

**БЕГЕМОТ** Африканын тузсуз көлмө, дарыяларында жашоочу, сүт эмүүчүлөр тобуна кирүүчү ири жаныбар.

**БЕГЕНЕ БОЛУУ** Бөлөк, жат, башка болуп кетүү; ажырап кетүү деген мааниде. *Бербейт экен кара жер, Перзентин жалгыз Топчубай, Бегене болгон дүйнөдөн* (Токтогул).

**БЕГИЛИК** Абалы жагынан жогорку даражада турган адамдардын ак көңүлдүк кылып берген сыйлыгы, белеги. *Баланын атын койсоңор, Бээ баштаган беш тогуз Бегиликке беремин* («Сейтек»).

**БЕДЕ** Үч ача жалбырактуу жылына бир нече жолу чабылып алынуучу, көп жылдык тоют өсүмдүгү. *Беш сугарып, үч оргон, Беде сонун турбайбы* (Барпы). *Көйкөлүшкөн көк бедеси, Төшөп койгон жибектей* (Маликов).

**БЕДЕЛ** Кадыр-барк, аброй, урмат. *Ок өтпөгөн бедел тон* («Семетей» С.К.). *Аялдардын коомдук иштерге активдүү, катышышы алардын коомдогу беделин көтөрдү* («Кыргызстан аялдары»). *Бери заада бейбактын Беделин бу журт бүт көрсүн* («Сейтек»).

**БЕДЕЛДҮҮ** Кадыр-барктуу, авторитеттүү. *Мамбеткул менен атаандашуучулардын беделдүүсү Карабек да ошентип жолдон чыга берди* (Каимов).

**БЕДЕЛИК** Беде айдалган, беде өскөн жер. *Бедpoints-ликте болуу. Бедеинкке баруу.*

**БЕДЕЛСИЗ** Кадыр-баркы жок, авторитеттүү эмес.

**БЕДЕЛҮҮ** Бедеси бар, беде өскөн, *Беделүү жер.*

**БЕДЕН** Дене, тулку. *Бүткүл беден этимди; Боёгондой кан кылды* (Эл ырлары).

**БЕДЕНЕ БЫШТАН** Булгары басмайыл, бастыргыч.

**БЕДЕР I** 1. Куштардын канат-куйруктарындагы туурасынан кеткен толкун сымал быжыр-быжыр тактар, издер. *Кекиликтей бедериң, Келтирип таккан седебиң* («Эл адабияты»). 2. Сайма сыяктуу кооздук, оймочийме, наар. *Бедери жок торкодон бек токуган бөз жакшы* (макал). 3. Баа, баалуулук. *Көк болотто бедер жок, Көпчүлүктө нелер жок* («Манас»).

**БЕДЕР II** Кылыч *Калыңдыгы бир эли, Кара курчтан бедери, Кайкы келген учу бар* («Манас»).

**БЕДЕР III** Медер, арка, жөлөк.

**БЕДЕРЛЕН** Быжыр-быжыр эткен, толку-

ган көрүнүштө, элесте болуу. *Бедерленген дария Бейпил эне, карыя* (Токомбаев).

**БЕДЕРЛҮҮ** Оймо-чиймелүү, коoздолгон, наар түшүрүлгөн, бедери бар. *Бекбекей ашты бел ашты, Белине бедерлүү саадак жарашты* (Жантөшев).

**БЕДИЗ** Скульптура.

**БЕДИЗЧИ** Скульптор.

**БЕДӨӨ** 1. Чөлдө жашашкан, көчмөн араб урууларынын жалпы аталышы. 2. Бедөөлөр – чөлдүк көчмөн арабдар өстүрүшкөн жылкынын өзгөчө тукуму. Ал жылкылар чыдамдуулугу, күлүктүгү, сымбаты менен айырмаланып, мыкты күлүк катары жогору бааланган. *Бары беде көй күлүк* («Манас» С.О.). Жалпы эле: Күлүк ат, күлүк. *Белен жарак, бедөө ат, Беш жүз миң толук эрим бар* («Манас»). *Бедөө минсең жабдыктап, Берендер сага жарашкан* («Манас»). *Ошо колдун ичинде канаттуу Кара бедөө ат минген калмактын каны Рустем* («Эл адабияты»).

**БЕЖЕНДЕ бөжөңдө** менен бирдей. *Кемпир турат кедеңдеп, Кабын кагып бежеңдеп* (Тоголок Молдо).

**БЕЖИЛДЕ безилде** менен бирдей. *Торгойлор бежилдеп-чежилдеп чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков).

**БЕЖИРЕ** Маңызданып көп сүйлөө, быдылдап, майдалап сүйлөй берүү. *Сатыкул алагар көздөрүн алаң-булаң эткизип, мени улам-улам тиктеп коюп, аны-муну сурап бежирей берди* (Касымбеков).

**БЕЗ I** 1. Организмге керексиз заттарды бөлүп, керектүү заттарды иштеп чыгаруучу орган. *Шилекей бездери. Уйку бездери.* 2. *өт.* Эч нерсеге көңүл бөлбөгөн, эч нерсе менен иши жок, бардыгына катаалдык менен караган, ташбоор (киши жөнүндө). *Адамдын безин. Без киши.*

**БЕЗ II** 1. Качуу, тез качуу. *Бугимов безип, кокту ылдый салды* (Сасыкбаев). *Тоо эчкилер кыраңды көздөй безип бара жаткан экен* (Сасыкбаев). 2. Жолобой бөлүнүү, алыстоо, окчундоо, баш тартуу. *Кайыптын кызы бейтаалай, Баласынан безиптир* («Эр Төштүк»).

**БЕЗБЕЛДЕК** Тоодак түркүмүнө кирүүчү талаа кушу. *Бетеге белден буралган, Безбелдек сайдан чубаган* («Манас»).

**БЕЗБЕЛДЕКТЕЙ БЕЗЕНҮҮ** Жаагы тынбай безилдеп, какшап сүйлөй берүү, кайра-кайра айта берүү. *Кагылайын эл журт, жалгызымды жалдыратпагыла деп безбелдектей безенди* (Борбиев).

**БЕЗГЕ САЙГАНДАЙ БОЛУУ** Күтүлбөгөн жерден, кокусунан болгон окуяга катуу чочуп, уккусу келбей так секирүү. *Бүкөндүн мындай ачуу үнүн угуп көрбөгөн Селтер безге сайгандай болуп ойт бере тиктей калды* (Абакиров). *Сөзүн ичинде туура деп отурган өтөгөн безге сайгандай болуп кетти* (Абакиров). *Тергөөчү безге сайгандай болуп секирип кетти* («Чалкан»). *Берен безге сайгандай каардана сүйлөдү* (Касымбеков).

**БЕЗГЕК** Денени калтыратып, чыйрыктырып кармоочу жугуштуу оору, калтыратма. *Бул жерге безгек менен ооруп жатканды ким жакшы көрсүн* (Абдукаримов). *Гүлайым безгек болгон кишиче калчылдап кетти* (Абдукаримов).

**БЕЗДИР без II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жалгандан кара көрсөтүп, Бездирип элден айдады* (Токтогул).

**БЕЗЕ I** 1. Какшап, тынбай сүйлөө, жаагын жануу. *Боздоп, боздоп Бакайдын Аяр жаны калбады, Жаак кайрап, тил безеп, Канчорону каргады* («Сейтек»). *Кызыл тилим зарылдап, Кыйла сөздү безегин* (Тоголок Молдо). 2. Үн кубулжутуп сайроо, безеленүү, таңшуу. *Таңдайын безеп ыр ырдап, Таң менен учат боз торгой* (Маликов).

**БЕЗЕ II** Жумуртканын агы менен шекерден даярдалган жеңил пироженое же торт.

**БЕЗЕЛЕН** 1. Чый-пыйы чыгуу, тынчсыздануу, безилдөө. *Байболоттун он жашар кызы чыңырып барып, атасына түшө калат да, кайра безеленип энесине жүгүрүп келет* (Элебаев). *Темирболот безеленип сүйлөп жатты.* 2. Үн кубулжутуп сайроо, ырдоо, үнүн безөө (м., комузда). *Даниярдын обону жумшак созолонуп, безелене үн алат* (Айтматов).

**БЕЗЕЛЕНДИР безелент** менен бирдей. *Безелендирип ырдоо. Безелендирип комуз чертүү.*

**БЕЗЕЛЕНТ безелен** этишинин аркылуу мамилеси. *Безелентип күү чалып, Ырдадың менин жогумда* (Осмонкул).

**БЕЗЕЛЕНҮҮ безелен** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕЗЕН I безе I** этишинин өздүк мамилеси. *Гүлбүбү бирде безенген байбичеге карайт* (Сыдыкбеков). *Жер бети гүлгө жайнады, Безенип торгой сайрады* (Осмонкул). *Байчечек башын көтөрүп, Жасанып дүйнө безенип* (Үмөталиев). *Арашаным, өзгөрүлдү – безенди* (Маликов).

**БЕЗЕН II безе II** этишинин өздүк мамилеси.

**БЕЗЕР I азар-безер** менен бирдей. *Бирок андагыларды бат эле безер кылды* («Чалкан»).

**БЕЗЕР II** Улуттун тилин, дилин, нравалык, рухий баалуулуктарын, салттуу принциптерин, ж.б.у.с. жеригендерге, сактабагандарга колдонула турган түшүнүктөрдүн экинчи компоненти. *Дил безер, дин безер, тил безер* ж.б.

**БЕЗЕРГЕН** Соодагер, базарчы. Орто кылымда мамлекеттер, элдер арасына барып, соода кылып жүргөн адам.

**БЕЗЕТ I безе I** этишинин аркылуу мами-

леси. *Мактабайбы ырчылар Безетип кызыл таңдайды* («Мендирман»).

**БЕЗЕТ II безе II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЕЗЕТКИ** Ысыкка окшоп сары башылданып бетке чыккан бүдүр. *Кара тору жүзүнөн дайыма бүдүрөйүп безетки кетпейт* (Абдыраманов).

**БЕЗИЛДЕ** 1. Какылдап-какшоо, какшанып жанын сабап сүйлөө. *Таяке деп безилдеп, Далай малым алгансың* («Эр Табылды»). *Жолойдун сөзүн Кереч эп көрсө да кемпири коркуп безилдеди* (Жантөшев). ‖ Таңшуу, үн безөө, кубулжуу. *Безилдеп сайрайт боз торгой, Бет алды жакын кашында* («Олжобай менен Кишимжан»). *Чоор үнү а дегенде безилдеп катуу чыкты* (Жантөшев). 2. Чымын-куюн болуп тез жүрүү, тез чуркоо. *Шабыраалы кайкый качып эшикке чыгып безилдеп жөнөйт* (Байтемиров).

**БЕЗИЛДЕК** Сүйлөөк, тынчы жок.

**БЕЗИЛДЕТ безилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Безилдетпей кемпирди Белгилүү жерге коюп кет* («Манас»).

**БЕЗИЛДӨӨ безилде** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕЗИНЕ ТИЙҮҮ** Кычыгына тийүү, кыжырына тийүү, ачуусун келтирүү. *Жалий безине тийип, омуроосу талкаланганда аргасыз Абдыкалыкты кекээрлей жымыйды* (Бейшеналиев). *Безине тийип алдың окшойт, тигинин таноосу кыпчылып, өңү бузулуп барып көптө оңолду, – деп, жолдошум мага шыбырап калды* («Чалкан»). *Дүйнөгө үстүн болом деп жүрөсүңбү, ие, кокуй! – деп калчылдай баштаган кожонун безине ансайын тийди* (Касымбеков). **В.: Жарасына тийүү.** *Кайдан да сүйлөй койдум эле. Жарасына тийип алган экем ээ, – деп өкүндү Мурат ичинен* (Жапаров).

**БЕЙ** Башка сөздөр менен бирге айтылып *–сыз, эмес* деген маани берүүчү префикс. *Бейкабар, бейнамаз, бейорун.* ‖ *Бет келип мурун көрбөгөн, Бейтааныш эки карындаш* (Үмөталиев).

**БЕЙ-БЕЧАРА** Кембагал, алсыз жардылар, карыптар. *Бей-бечара буткөнгө, Көбөйдү сенин салыгың* («Манас»).

**БЕЙАДЕП** Адепсиз, адеби жок. *Бейадеп өстүрүү. Бейадеп болуу.*

**БЕЙАКЫЛ** Акылсыз, акылы жок. *Сырыңды айтпа эр болсоң, Бейакыл жаман кишиге* (Тоголок Молдо).

**БЕЙАЛ** Күчү жок, күчсүз, дармансыз. *Бейал болуп жатканда, Арманга катуу батканда* (Эл ырлары).

**БЕЙАҢ ДҮЙНӨ** Сокур сезимге таандык дүйнө.

**БЕЙАҢДУУЛУК** *пед.* Субъект тарабынан толук, аягына чейин жетик түшүнүлбөгөн психикалык кубулуштардын жыйындысы.

**БЕЙАР** Намысы жок, намыссыз. *Бек кармабас тизгинди, Бейар долу кармадың* (Тоголок Молдо).

**БЕЙАРМАН** Армансыз. *Бейарман дүйнө.*

**БЕЙАСИЛ** Тексиз. *Анан ушу бармактай бейасил бала кирсе олтурган ордуңуздан жылып, ага оң жагыңыздан орун бошотконуңуз кандай?* (Даникеев).

**БЕЙБАЗАР** Базар болбогон, базар эмес, кадимки (күндөргө карата). *Бейбазар күндөрү дүкөндөргө түшкөн таңсык буюмдарды талап кетишчү* («Ала-Тоо»).

**БЕЙБАК** 1. Бактысыз, таалайсыз, кешиги жок, шор мандай. *Жамандашпай кайта кел, Мен бейбакка айта кел* («Сейтек»). *Сырттаным дыйкан барында, Мен бейбак эмнеден кем элем* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Аялдарга карата бейбак, бейтаалай, долу ж.б.у.с. кемсинтүү, басынтуу, кордоо иретинде колдонулат. *Бедерине бейбактын, Пенде чыдап тургусуз* («Манас» С.К.).

**БЕЙБАШ** Тартипсиз, ээн баш, тентек. *Бейорун сөздү сүйлөбөй, Бейбаш балдар тек жүрсүн* (Токтогул). *Жолду катар бейбаштар учураган жок* (Элебаев).

**БЕЙБЕЛЕК** *диал.* Бейбелчек.

**БЕЙБЕЛЧЕК** Буттун манжаларынын сөөктөрү. *Кызыл ашык, бейбелчек, Кыйрап кара кан кетип* («Эр Табылды»).

**БЕЙБЕРЕКЕ** Берекесиз, пейили тар, саран, өңүмү жок. *Бейбереке болбо деп, Берерди өзүм билейин* («Манас»).

**БЕЙГАМ** *к.* **бейкам.**

**БЕЙГҮНӨӨ** *к.* **бейкүнөө.**

**БЕЙДААРАТ** Даарат албаган, даaратсыз. *Тоoторуну бейдаарат жан минбеген* («Сейтек»).

**БЕЙДААРАТТУУ** Даараты жок, даарат албаган. *Бейдаараттуу пендеге кабылбаган Кумайык* («Манас»).

**БЕЙДАРЕК** Дайынсыз, кабары жок, дарексиз. *Атам бейдарек болуп кетти* («Жаш ленинчи»).

**БЕЙДАРМАН** Дарманы жок, дармансыз, алсыз, күчсүз. *Араң жетти алты конуп бейдарман* (Калык).

**БЕЙДАРМАНДЫК** Алсыздык, күчсүздүк, начарлык, дармансыздык. *Бейдармандыктын кесепети.*

**БЕЙДАРТ** Илдетсиз, оорусу жок.

**БЕЙЖАЙ** 1. Долу, албуут. *Мендей бейжай бейбакка, Бет ала турган ким экен* («Манас»). 2. Чатак, жаңжал. *Мени түртүп бейжайга Кетенчиктеп калбагын* («Манас»).

**БЕЙЖАЙЛАН** Долулануу, албууттануу, бейжайлык кылуу. *Ал кантсин жүрөт мен деп батына албай, Шерт бузуп, бейжайланып ачыла албай* (Маликов).

**БЕЙЖАЙЛАНУУ бейжайлан** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕЙЖАЙЛЫК** Долулук, албууттук. *Кыялы тентек капырдын, Бейжайлыгы*

*кармаса Бардык журтка чуу баштайт* («Сейтек»).

**БЕЙЖАҢЖАЛ** *диал.* Жаңжалсыз. *Эл көп келген тойдун бейжаңжал өткөнү жакшы болду.*

**БЕЙЖООП** Жоопсуз, уруксатсыз. *Бейжооп кетип калуу.*

**БЕЙИЛ** *туурасы:* **пейил.**

**БЕЙИТ** Өлүк коюлган жай, мүрзө. *Бир күн өтүп Алиманды бейитке койдук* (Айтматов). *Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатышты* (Баялинов).

**БЕЙИТ БАШЫНА БАРУУ** Өлгөн адамга арнап бейитке барып мал союп, куран окутуу, бата кылуу.

**БЕЙИТСИЗ** Бейитке коюлбастан, көмүүсүз. *Семетей менен бул Бакай, Бейитсиз өлүп калат го* («Семетей»).

**БЕЙИТТҮҮ** Бейит бар, мүрзөлүү. *Калың бейиттүү көрүстөн.*

**БЕЙИШ** 1. Диний-мифологиялык түшүнүк боюнча күнөөсүз адамдар өлгөндөн кийин орун алчу жыргалдуу жай. 2. *өт.* Жыргал, ыракат. *Бейиш сымал жай экен, Эки жээги көк токой, Ортосу өзөн сай экен* («Эл адабияты»).

**БЕЙИШИ** Бейишке таандык, бейишке баруучу. *Тээ, ак эшендин колунда Ким бейиши, ким тозок, Ошонун ачкыч эсеби* (Токтогул).

**БЕЙИШИ БОЛГУР** Өлгөн адамды эскергенде, ал жөнүндө кеп кылганда урматтоо, сыйлоо иретинде айтылат. *Түндүн жарыгында жүргөнчө, күндүн көлөкөсүндө жүр дечү эле бейиши болгур апам* (Токомбаев). *Атам бейиши болгур, тирүү кезинде ушул жайлоону жайлачу экен* («Ала-Too»). *Сырдакана, таттуу адамдар болчу экөө тең, бейиши болгурлар* (Эралиев). *Бейиши болгур, Казанкап атаңын жатар жери ошол* (Айтматов).

**БЕЙКАБАР** Эч нерседен кабары жок, дарексиз. *Жол тостурган балбандар, Жатасыңбы бейкабар* («Манас»).

**БЕЙКАДЫР** Кадырсыз. *Адам кесел болгондо бейкадыр болуп калат экен* («Эл адабияты»).

**БЕЙКАЙРАТ** Демилгесиз, айбатсыз. *Ишке келгенде, өтө эле бейкайрат жамандын бири.*

**БЕЙКАМ** Капарсыз, кам санабаган, камырабаган, жай баракат, камсыз. *Мөкүш коңурукту кош тартып, бейкам уктап жатат* (Таштемиров). *Келечектен, бейкам, көңүлү куунак кыз Садыкка караандатпай марага келет* («Ленинчил жаш»).

**БЕЙКАМДЫК** Камырабастык, кам санабагандык. *Короолду жакшы койбостон, Бейкамдык бизден өттү дейт* (Тоголок Молдо).

**БЕЙКАПАР** Капарсыз, жай баракат, ойдо жок, камырабаган, бейкут. – *Мени сурайбы? – деп Айна ички бугун жашырып, бейкапар кишиче сурады* (Шимеев). *Чоң эне бейкапар тынчтыкты, берекелүү бейпилчиликти тилейт* (Сыдыкбеков)

**БЕЙКАПАРЛЫК** Капарсыздык, жай баракаттык, камырабагандык. *Ысактын өңүнөн кандайдыр толук бейкапарлыкты байкоого мүмкүн эле* (Абдукаримов).

**БЕЙКАРАР** Турумсуз, маанисиз, маңызы жок, кээде анчейин, жөн эле, жөн салды туюнтмаларында да жолугат. *Бейкарар сөздү коюңар* («Манас» С.О.). *Мейманкана киргизгин, Бейкарар адам экен деп, Бейкуда сүйлөп салбасын.*

**БЕЙКАРУУ** Алсыз, күчсүз. *Бейкаруу адам.*

**БЕЙКАРУУЛУК** Алсыздык, күчсүздүк, алы жоктук, начарлык. *Бейкаруулуктан ал ишке алы жетпеди.*

**БЕЙКАСАМ** Эриши жип, аркагы жибек болуп токулган жылтырак кездеме. *Кара бейкасам бешмант, ак жибек көйнөк кийген* (Жантөшев).

**БЕЙКООГА** Тынч, чыры жок. *А бул жер канча кылганы менен да бейкоогалуураак* (Жантөшев).

**БЕЙКУДА** Жөнү жок, курулай. *Бейкарар Адам экен деп, Бейкуда сүйлөй салбасын* («Манас»).

**БЕЙКУТ** Тынч, жайкерчилик, жайчылык. *Согуш отун өчүртүп, Бейкуттукту жактаткан* (Токомбаев).

**БЕЙКУТЧУЛУК бейкуттук** менен бирдей. *Жер жүзүнүн калдайган калың эли согуштан бейкапар, бейкутчулукта жашасак экен деп тилейт* («Ала-Тоо»)

**БЕЙКҮНӨӨ** Күнөөсү жок, айыпсыз. *Чындыгына жетпей биздин Жүкөштү бейкүнөө урду* (Абдумомунов).

**БЕЙЛЕ** Көңүл буруу, көңүл коюу, баамдоо, байкоо. *Айтсам кызык мунум бар, Бейлеп, жетим, угуп ал* («Сейтек»). *Көкөнүн көзү капшыт жактагы чоң күзгүгө барып урунду. Баятан бери бейлегенин кара* (Касымбеков).

**БЕЙЛЕБӨӨ** Ылгабоо, байкабоо. *Ыплас жерди бейлебей, Басып жүргөн балалык* (Жеңижок).

**БЕЙЛЕГИЧ** Сезгич, баамчыл, байкагыч.

**БЕЙЛӨӨ** Көңүл буруу, ыклас коюу, чоң ынтаа менен кароо *Бейлеп көзүн салбаган.* («Манас» С.О.). *Белести бейлеп кече албай* («Семетей» С.К.).

**БЕЙМ** Болжолдоо же ырастоо маанисин берүү иретинде колдонулат. *Төрт түлүктү чачат бейм, аба* («Манас»). *Быйыл айгырлар күп табына келди бейм* (Байтемиров).

**БЕЙМААЛ** Күтүлбөгөн маал, мезгилсиз, маалсыз, өз учурунда эмес. – *Беймаалда келип калдык, Токтор, айып көрбөңүз, – деди Калмурат* (Абдукаримов). *Беймаал убакта коңгуроонун шыңгыраганы үй ээси үчүн кандайдыр бир шектүү өңдөндү* («Чал-

кан»).

**БЕЙМААЛИ** Долу, албуут, жайдары эмес, боорукер эмес. *Беймаали болсо аялың, Күнүгө үйгө чуу салат (*Токтогул).

**БЕЙМААНИ** Дайыны жок, жөнү жок, берекеси жок. *Кылар иши жок, отуруп алып, беймаани сөздөрдү сүйлөй берет.*

**БЕЙМАЗА** Убара, кыжаалаттык, тынчы кетүү. *Карыянын көңүлү уйгу-туйгу, беркиси андан бетер беймаза* (Каимов). *Беймаза болуп жүрбөйлү деген ой туулганда кайра орто жолдон айнууга туура келди* («Ала-Тоо»).

**БЕЙМАЗАЛАН** Убаралануу, кыжаалат болуу. *Көпкө беймазаланды.*

**БЕЙМАЗАЛУУ** Убараланган, тынчсыз, жадатма. *Беймазалуу күндөр.*

**БЕЙМАЗАЛЫК** Беймаза болгондук, убара болуп тынчсыздангандык. *Жанга баткан беймазалык.*

**БЕЙМАЛАЛ** Жай баракат, кыйналуусуз, кысталуусуз, кенен. *Эмки күзгө чейин сүт-айран менен беймалал жетүүгө болот* (Абдукаримов).

**БЕЙМАН** *туурасы:* мейман.

**БЕЙМАР** Оору, сыркоо, илдет.

**БЕЙМАРАЛ** **беймалал** менен бирдей. *Нарытан беймарал келе жаткан Ташыбек чал колун серепчиледи* (Касымбеков).

**БЕЙМЕНЧЕК** 1. Таман сөөк, бут кетмени. 2. Алакан сөөгү.

**БЕЙНААР** Ачкарын, тамак ичкенге чейин. *Дарыны бейнаар ичиш керек.*

**БЕЙНАМАЗ** Намазсыз, намаз окубаган киши. *Мамбеткул сыйынуу, жалынууну билбеген бейнамаз* (Каимов).

**БЕЙНАМЫС** Намысы жок, арданбаган.

**БЕЙНАСИП** Кешиги жок, кешик айтпаган.

**БЕЙНЕ** Кейипкер, образ. *Замандаштын бейнеси.*

**БЕЙНЕТ** *туурасы:* **мээнет.**

**БЕЙНИКЕ** Никесиз, никеси жок. *Бейнике келип турган соң, Аябай кылдым азапты* («Манас» С.О.).

**БЕЙНЫСАП** Нысапсыз, нысабы жок, сугалак. *Бечаранын тилине Бейнысаптар көнбөйсүң* (Токтогул).

**БЕЙОПА** Жакшылык артпаган, жакшылык кылбаган, кара мүртөз, пайдасыз.

**БЕЙОРУН** Орду жок, жөнү жок, ыгы жок, орунсуз, ылайыксыз. *Бейорун сөздү сүйлөбөй Бейбаш, балдар жөн жүрсүн* (Токтогул).

**БЕЙӨНӨР** Бир нерсеге шыгы жок, эч кесиби жок.

**БЕЙПААМ** *диал.* Баамсыз, түшүнүксүз. *Аны билбеген бейпаам эмеспи.*

**БЕЙПАЙ** 1. Убара, азап, жөнү жок. *Жүрөктү мыкчып уу чеңгел, Мен арып жүрөм бейпайда* (Турусбеков). *Түбүбүз бирге уялаш, Бейпайды кайдан салайын* («Сейтек»). 2. Байкуш. *Бейпай кулдун өзү окшойт* («Манас» С.К.).

**БЕЙПАЙДА** Бекер, пайдасыз. *Бейпайда отурганга эмитен көнбө* («Ала-Тоо»).

**БЕЙПАЙЛА** Азап чегүү, убара болуу, кыйналуу. *Бейпайлаган мээнетке Бели болчу сен атаң* («Манас»).

**БЕЙПАЙЛУУ** Кайгылуу, капалуу, азаптуу. *Бук түшөм сыздап, кыбырап, бейпайлуу, муңдуу шыбырап* (Токомбаев). *Бейпайлуу мүшкүл иш болсо, Атыңды кармап турчуну ал* («Семетей»).

**БЕЙПАРАСАТ** Билгичтиги жок, байкагычтыгы жок, бир нерсеге оңой менен түшүнө койбогон.

**БЕЙПАРЗАНТ** *диал.* Баласыз, тукумсуз, куу баш.

**БЕЙПИЛ** 1. Тынч, капарсыз, камсыз. *Абышка-кемпир эгин айдап, чөбүн чаап, бейпил турмушта жашап калыптыр* («Жомоктор»). *Бах, кандай, бейпил күндүн берекеси* (Осмонов). 2. Кичи пейил, сылык, ак көңүл. *Жылуу үйгө алып кирди, көрсөтүп бейпил кыргыз эшик-төрүн* (Шүкүрбеков).

**БЕЙПИЛДИК** Тынчтык. *Бактынын көлүн толкутуп, Бейпилдик менен күн өтөт* (Токомбаев). *Шаар тыптынч мемиреген бейпилдикте сайран курат* (Маликов).

**БЕЙПИЛДҮҮ** Бактылуу, таалайлуу. *Береке жыргал бар экен, Бейпилдүү биздин өмүрдөй* (Бөкөнбаев).

**БЕЙПИЛЧИЛИК** Тынччылык. *Бейпилчиликте көрсөткөн эрдик – эрдик эмес, кыйын-кыстоо замандарда көрсөткөн эрдик* (Элебаев). *Чоң эне берекелүү бейпилчиликти тилейт* (Сыдыкбеков).

**БЕЙПУЛ** 1. *диал.* Кедей, колунда жок. 2. Акчасыз, бекер.

**БЕЙСАБАТ** Кат тааныбаган, окуп-жаза билбеген, окубаган.

**БЕЙСАЗА** Татыксыз, ылайыксыз, уятсыз. *Күмүштөн сөйкө салынып, Ыргаганың курусун. Күйөң бейсаз болгон соң, Жыргаганың курусун* (Эл ыры).

**БЕЙСАКАЛ** Сакал чыга элек, жаш. *Эмне, мында өңчөй бейсакал түнөдү деп жүрөсүңбү? Сакалы кучактары да бар* (Жантөшев).

**БЕЙСАЛАКЫ** Даамы жок, мааниси жок, тантыган. *Элге жаман көрүнөт, Эби жок тантып сүйлөгөн. Бейсалакы сөз айтат, Адамдын сырын билбеген* (Барпы).

**БЕЙСАНАА** *диал.* Санаасыз. *Бейсанаа ээрчип жүрөт.*

**БЕЙСАРАМЖАЛ** Шалакы, илээнди, тиричилиги чачылып жаткан. *Атты кечке айдады, Бейсарамжал балдардын, Бекерге шору кайнады* («Манас»).

**БЕЙСБОЛ** *спорт* Таяк менен (бита менен) топту согуп ойногон спорттун түрү.

**БЕЙСБОЛИСТ** Бейсбол спорту менен машыккан адам.

**БЕЙСИК** Компьютердик программалоо тилинин бири.

**БЕЙТ** Эки саптан турган ыр түзүлүшү.

**БЕЙТААЛАЙ** 1. Таалайсыз, бактысыз. *Кыз кезинде бейтаалай, Кылым чайкап, журт бузган* («Манас» С.К.). *Бейтаалай энем, эл кайда, Элге жетер күн, кайда* («Сейтек»). *Акундун кызы бейтаалай, өлөйүн деген оюнда, өлбөй тирүү калганы* («Сейтек»).

**БЕЙТААНЫШ** Тааныш эмес, чоочун. *Меймандардын арасында бейтааныш адамдар көп экен* (Жакыпбеков). *Алымкул бейтааныш кишинин сөзүнө кулак салды* (Абдукаримов). *Жакшы кабар менен келген бейтааныш салабаттуу кишини аттан көтөрүп алышты* (Убукеев).

**БЕЙТААНЫШТЫК** Тааныш эместик, чоочундук. *Баятан бери жаңы жумушчунун завод ишине бейтааныштыгын байкап жүргөн Константин Макарович басып келди* (Каимов).

**БЕЙТАП** Табы жок, сыркоо, оору. *Сиздин бейтап болуп жатканыңызды угуп, ал сурайын деп келдим* (Абдукаримов).

**БЕЙТАПТА** Табы жок болуу, ооруу. *Өзүм бейтаптаган кезде булардын кол арага жарап калганын көр* (Осмоналиев).

**БЕЙТАРАП** Калыс, бул жакка да, тигил жакка да тартпаган, эки жакка да бирдей. *Ал жакка бейтарап кишини жибериш керек.*

**БЕЙТАРТИП** Тартипсиз, иретi жок, баш аламан. *Айыл арасында бейтартип басып жүргөн киши жок* (Жантөшев).

**БЕЙУБАК** Беймаал, убактысыз, өз убактысына ылайык келбеген учур. *Кош, бейубак басып жүргөн экенсиң* (Каимов).

**БЕЙЧАРА** 1. Кедей, колунда жок. 2. Аргасыз.

**БЕЙЧЕКИ** Жөнү жок, ыксыз, ылайыксыз. *Атын бейчеки эч кимге мингизчү эмес* (Бөкөнбаев). *Бейчеки бажылдап, иретсиз сүйлөнгөн сөздү кулак чалбайт* («Кыргызстан аялдары»).

**БЕЙШАРКЫТ** Тартипсиз, ирээтсиз.

**БЕЙШЕМБИ** Аптанын төртүнчү күнү. *Бейшембинин күнүндө, Жуманын кадыр түнүндө* («Манас»). *Мен сыяктуу карыпка, Бейшембиде нан бергин* («Мендирман»).

**БЕЙШЕМБИЛИК** *тар.* Октябрь революциясына чейинки эски мектептерде бейшемби күндөрдө окуучулардын мугалимине берүүчү тартуусу, белеги.

**БЕЙШЕП** *диал.* Заара.

**БЕЙЫЙМАН** Ыймансыз, ыйманы жок. *Бекинем малга деп жүрүп, Бейыйман өлөр бекенсиң* («Манас»).

**БЕЙЫНСАП** Ынсапсыз, ынсабы жок. *Бечаранын тилине Бейынсаптар көнбөйсүң* (Токтогул).

**БЕК I** 1. Бир уруунун башчысы, эл бийлөөчү. 2. Көпчүлүк түрк элдеринде хандан кийинки мансап орду «бек» аталган. *Агиниси жуда бек* («Манас» С.О.). *Каны, беги, карасы, Кошо келди бу тойго* («Манас» С.О.).

**БЕК II** 1. Туруктуу, бекем, чын. *Аткарууга сөзүңдө бек бол, эже* (Нуркамал). // Катуу, бекем абалда. *Кош олоңун бек тартып, Жалгызы атка минди эми* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Катуу, көтөрүңкү, бийик (мисалы, үнгө, дабышка карата). *Чаргын бек-бек унчукту* (Сыдыкбеков). 3. *такт.* Абдан, өтө. *Ушул быйыл барбасак, Бек кор болгон энемди Ажыратып албасак* («Сейтек»). *Биздин колхоз бирдиктүү, Бирдиктүү колхоз бек күчтүү* (Осмонов). 4. Жабык, кулпуланган, бекитилген. *Эшик бек. Шкафтын оозу бек* (Баялинов). ‖ Оңой менен табылбай турган, ишенимдүү. *«Бек жерге катып койдум»* *деп жылмайды* (Осмонов).

**БЕКАЙБАТ** Жыргалга алпарбай турган, тынчты кетире турган. *Жыйын дем тартпай, тым-тырс болуп, Абыл бийдин колундагы бекайбат кагазды тиктеп калды* (Касымбеков).

**БЕКБЕКЕЙ** *этн.* Түн ичинде короо кайтарган кыз-келиндердин тамаша-оюн баштап, ырдаган ырлары. *Темир комуз кагып, бекбекей айтыштык* (Жантөшев). // Короо кайтарган аялдардын кыйкырыгы.

**БЕКБЕКЕЙЛЕ** Бекбекей деп кыйкыруу, бекбекей айтуу.

**БЕКЕМ** 1. Бек, туруктуу. *Ээрге отурушу кыт куйгандай бекем* (Сыдыкбеков). *Кыргызстан тынчтыкты сактоо позициясында бекем турат.* // *такт.* Катуу, бек абалда. *Базарбек экөөбүз ичигибиздин сыртынан курубузду бекем курчап алганбыз* (Каимов). 2. Катуу, көтөрүңкү үндө. *Даша албууттанып бекем сүйлөдү* (Сасыкбаев). 3. Бекилген, ачкыч менен бекитилген же катуу жабылган. *Үйүнүн каалгасын тарткыласа да бекем* (Бейшеналиев).

**БЕКЕМДЕ** 1. Бек орунтуктатуу, бекем абалга келтирүү, бекитүү, чындоо. 2. Бышыктоо, ырастоо. *Арзыкул жанагы сөзүн дагы бекемдеди* (Байтемиров). *Зээндүү кыз дайыма алган билимин иш жүзүндө бекемдейт* (Эшмамбетов).

**БЕКЕМДЕЛ** **бекемде** этишинин туюк мамилеси. *Чеп түзгөн чоң күч менен бекемдеген* (Абдыраманов).

**БЕКЕМДЕН** **бекемде** этишинин өздүк мамилеси.

**БЕКЕМДЕТ** **бекемде** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЕКЕМДЕШ** **бекемде** этишинин кош мамилеси.

**БЕКЕМДИК** Бектик, бышыктык, туруктуулук, катуулук. *Берен калган сарайдын, Бекемдиги бир далай* («Эр Төштүк»). *Айткан сөзү орундуу, Бекемдиги билинет*

(Барпы).

**БЕКЕМДӨӨ бекемде** этишинин кыймыл атоочу. *Звено жетишкен ийгиликтерин бекемдөөдө.*

**БЕКЕН** 1. Суроо маанисинде колдонулат. *Зордукка жигит чыдайт бекен?* (Турусбеков). 2. Ырастоо, болжолдоо маанисинде колдонулат. *Сеитов отурар замат асманга карады. Бах, карагай эмес бекен!* (Сыдыкбеков). *Орусбек оңой бекен, жеткирбейт* (Сыдыкбеков). *Күндө келер бекен деп күтөбүз* (Элебаев).

**БЕКЕНЕ бакене** менен бирдей.

**БЕКЕНЕЛИК** *диал.* Чабалыраак, мажүрөөлүк. *Ошого да бекенелик кылат.*

**БЕКЕР** 1. Ишсиз, кызматсыз, жумушу жок. *Алты саны аман кишиге бекер жүрүү уят* (Убукеев). *Мамбеткулдун бекер отурганын эч учурата албайсың* (Каимов). ‖ Бош, ачык, куру. *Токумдай жерди бекер калтыргысы келбеген Чаргын таштактын дыңына көз токтоткон* (Сыдыкбеков). ‖ Иштебеген, ишсиз жүргөн киши, бекерчи. *Бекердин чолосу жок* (макал). 2. Курулай, негизсиз. *Бекер ойлоп, бекер кайгы жегенсиң* (Турусбеков). *Сиз бизге бекер эле ачууланып жатасыз* (Жантөшев). // Бөөдө, бөөдөсүнөн. *Мен үчүн бирөөнү бекер кыйнаба* (Токомбаев). ‖ Дайыны жок, дайынсыз. *Азирети эшеним Сүйлөйсүз сөздүн бекерин* (Барпы). 3. Акысыз. *Бекер тамак, бекер окуу жетимге Совет берди. Экөөбүз тең киргенбиз* (Токомбаев). ‖ Эч нерсе төлөбөстөн, эч нерсе бербестен. *Күч күйөө болуп кирем деп, Кызын бекер алам деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БЕКЕР ООЗ** Чындыкка туура келбеген орунсуз сөздөрдү сүйлөй берме, оюна келгенди айта салма, оозуна келгенди оттой берме. – *Чырагым, бекер ооз сүйлөбөй жүр* (Осмоналиев). *Мыскалдын келишин бекер ооз аялдар ушундай эрмектешти* (Сыдыкбеков).

**БЕКЕР СӨЗ** Болбой турган, чындыкка туура келбеген, ишке ашпай турган жалган сөз. *Эй, ыймансыз! Чыныңды айтсаң боло, бул бекер сөз* (Тойбаев).

**БЕКЕРГЕ** Курулай, эч себепсиз, бекеринен. *Укпай, билбей бу жерге, Бекерге келген экемин* («Манас»).

**БЕКЕРДЕН бекеринен** менен бирдей. *Бекерден таап алгандай, Анын бергенине кубанба* (Токтогул).

**БЕКЕРИНЕН** Курулай, жөн эле, жок жерден, эч себепсиз, бөөдөсүнөн. *Бекеринен мактабаңыз ашырып* (Токомбаев). *Бекеринен башыма балаа үйө албайм* (Турусбеков).

**БЕКЕРИНЧЕ** Жөн эле, жайынча, тим эле, бекерге, эч себепсиз. *Бекеринче чыгым деп Байлап алат бий, болуш Кедейдин жалгыз улагын* (Токтогул).

**БЕКЕРЛИК** Бекер болуу абалы, бекерчилик, ишсиздик. *Бекерликке берилбей, Эркиң менен жумуш кыл* (Токтогул).

**БЕКЕРПОЗ бекерчи** менен бирдей. *Бекерпоз Берик, Бекер оокатка шерик* («Чалкан»).

**БЕКЕРЧИ** Бош, иштебей бекер жүргөн адам. *Мата саткан дүкөнчү, Басып жүргөн бекерчи* (Токтогул).

**БЕКЕРЧИЛИК бекерлик** менен бирдей. *Акын элди жамандыкка, бузукулукка, бекерчиликке каршы чакырган.* (Бөкөнбаев).

**БЕКЕТ** 1. Жүргүнчүлөр жана шаар аралык каттамда жүрүүчү транспорттор токтоочу жай, имарат. *Илгери бекеттер ортосунда эки же үч ат чеккен почтолор жүрүп турууччу* (Сасыкбаев). *Бекетке бешим келип тыным алдык* (Бөкөнбаев). 2. *тар.* Аралык өлчөмү, Болжол менен 20–25 километр аралык (ат менен жүргөн адамга бир күндүк жол чамасындагы аралык, бекеттер бири бирине ошондой аралыкта курулуп жайгашуучу). *Сегиз бекет арасы* («Манас» С.О.).

**БЕКЕТЧИ** Бекетте, почта станциясында иштөөчү адам. *Имаш Константиновкадагы почта станциясында иштеген бекетчинин үй-бүлөсүндө туулган* («Ала-Тоо»).

**БЕКЗААДА** 1. Бек тукуму, бектин баласы, ак сөөктүн тукуму. *Бекзаадалар самсышат балаңа куда болууга* (Жантөшев). 2. *өт.* Мыктылар, билермандар, мырзалар. *Бекзаадалар келсин деп* («Манас» С.О.).

**БЕКЗАТ** Теги бектерден, бектин тукуму, бекзаада. *Бекзаттарым соогат, соогат* (Бөкөнбаев).

**БЕКИ** 1. Бек болуу, бекемденүү. *Бекиген чепке жол салар* («Манас»). 2. Бир тыянакка келүү, бүтүм чыгаруу. *Сүйлөшүп отуруп, сөз ушуга бекиди* (Таштемиров). 3. Ыйгарылуу, дайындалуу, таандык болуу. *Бизге бекиген араба.* 4. Жабылган, кулпуланган абалда болуу. *Эшик бекиди.* ‖ Жашырынуу. *Алар калың токой арасына бекиген* (Токомбаев). ‖ Тосулуп калуу. *Калың кар жаап, ашуу бекиди.*

**БЕКИЛ беки** этишинин туюк мамилеси. *Кышында жол бекилет* (Абдукаримов).

**БЕКИН беки** этишинин өздүк мамилеси. *Ар кайсы тоого бекинип, Абакем үчүн чарчадык* («Эр Табылды»).

**БЕКИТ беки** этишинин аркылуу мамилеси. *Дарбазаны бекитсе, даарый албайт эч адам* («Эр Табылды»).

**БЕКТЕРБЕК** *тар.* Бектин кайыны. *Сахибалар колдоп койду эле, Самаркентке бектербек...* («Эл адабияты»).

**БЕКТИК** Бекемдик, кайраттуулук. *Бек байлагын белиңди, Жакып, Бектикке салгын көөнүңдү, Жакып* («Манас»).

**БЕКҮҮ беки** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕКЧЕЙ** Бели эңкейбей, кайкалагандай абалда болуу. *Бекчейип барып бел каткан,*

*Бакай атаң колунан, Бар кайрат качып, ал кеткен* («Сейтек»).

**БЕЛ** 1. Дененин жамбашка жакын ичкерээк тартып кеткен арка жак бөлүгү, арканын жамбашка жакын бөлүгү. *Кымча бел. Бураң бел.* ‖ *Айым өйдө болуп, уюган белин кайкалатат* («Ала-Тоо»). *Карыялардын таягы жоктору эки колун белине коюп баратышты* (Абдукаримов). 2. Бир нерсенин орто чени, орто бөлүгү. – *Чаканын белинен суу алып келе койчу,– деп энеси баласын сууга жумшады Чайнектин белине чейин суу куюп, чай кой.* 3. *өт.* Жөлөк, таяныч, тирек. *Уул жакшы өссө, атага бел* (Сыдыкбеков). *Бел кылабыз биз сени курдаш* (Турусбеков). 4. Тоо кыркаларынын ашып өтүүгө ылайык келген жону, кайкыраак жери. *Ашуусу болбой, бел болбойт* (Тоголок Молдо) *Акбар ашуунун белине түшө калып, ээрин оңдоду* (Убукеев). *Булуңдун сырты тоо деп атанбаганы менен бийик бел* (Касымбеков).

**БЕЛ АЛДЫ БОЛУУ** Бир нерседен кооптонгондой сары санаа, жүрөк заада боло берүү. *Эч нерсеге түшүнбөй, ... шалкысы бош, бел алды болуп, ...сенделип, илкип, кайра кайтты* (Бейшеналиев). *Бел алды болбой сүйлөш.*

**БЕЛ АЛДЫРБОО** Сыр алдырбоо, шек бербөө, багынбоо, басынбоо. *Душманга бел алдырба. Күн мурун эле бел алдырып мүңкүрөп каласыңбы* (Убукеев). ‖ *Минтип оңуна салбаспы, Шарафуддин молдого бел алдырбай жанараак оңтойлоткондоруна көзүн жалдыратты* (Бейшеналиев). *Акбала айтканынан кайтпай тигилерге бел алдырбоого тырышты* (Укаев).

**БЕЛ АЛДЫРУУ** Моюн сунуу, баш ийүү. *Кийинки күндөрдө карылыкка бел алдырып койдумбу дейм, өз оюмда* (Убукеев). *Күн мурун эле бел алдырып мүңкүрөп каласыңбы?* (Убукеев). *Жашык болуш жаман адам белгиси, Күйпүл жүдөп, күйүткө бел алдырган* (Алыбаев).

**БЕЛ БАЙЛОО** 1. Бир ишти иштөөгө, максатка жетүүгө чынданып киришүү, белсинүү, өзүнө өзү дем берип кайраттануу. *Жолоочулар не кылса да бүгүн жетүүгө бел байлап келе жатышты* (Элебаев). *Жолугууга жана сүйлөшүүгө бел байлап, сөзүн камдай келген жаш жигит да эмне айтарын билбей апкаарыды* (Каимов). 2. Медер кылуу, кимдир бирөөгө таянуу, ишенүү. *Өлбөсө келер бекен деп, Курсактагы куу жолтой Жетимчеге бел байлайм* («Сейтек»). *Эки үйдүн бел байлар жигити деп коюшканына корсоюп, мен өзүмдү кандайдыр жоопкерчиликтүү сезем* (Айтматов). *Кудай эми ушунун боосун бек кылсын,– деп Татына Абылына бел байлады* (Сыдыкбеков).

**БЕЛ БАКАН** *же* **ЖЕЛ БАКАН** Шамал болгон учурларда боз үйдүн ичинен тиреп коюу үчүн колдонулуучу башы ачакей бакан. *Жел бакан, келтек, чочмор, союл алды* (Турусбеков).

**БЕЛ БАСКАК** Орто жери кайкы сымал, кайкыраак. *Узун дөңсөө да ортосу жаадай ийиле түшүп, бел баскак болуп калган* («Жаш ленинчи»). *Бирөө тиги чоң тумшуктан, айталы, Мукай, Токуш андан төмөнкү бел баскактан элик айдаш керек* («Ала-Тоо»).

**БЕЛ БОЛУУ** Арка-тирек болуу, жөлөк болуу. *Бербесе бел, албаса арка болуп калган экенсиң* (Бейшеналиев). *Асыл досум тилимди ал, Бараан болгун, бел болгун* (фольк.). *Аман болсо Карадөө, Жедигер саа бел болор* («Сейтек»).

**БЕЛ БУУ** Кайраттануу, чечкиндүү киришүү, кайраттанып бет алуу. *Кошкула эне, эже, ага-тууган, Деп айтып, коркпой жоодон белин бууган* (Шамшиев). *Чыйралып, чындап белим бууп, Алыс сапар жол торттым* (Үмөталиев).

**БЕЛ БҮКПӨӨ** Баш ийбөө, моюн сунбоо, жеңилбөө. *Төбөлдөрдүн башына ойноочу ур токмогум – сөзүм, ырым. Мен эч качан аларга бел бүкпөйм. Бүгүн тебелеткен намысымды эртең, бүрсүгүнү эки эселеп алам* (Бейшеналиев). *Андрей мындай менменсинип, теңсинбей туруучулукка бел бүгүп, тура алган жок* (Сасыкбаев).

**БЕЛ КАЙЫШ** Арабага чегилүүчү аттын жонундагы ээрчесинин үстүнөн алып, арабанын жан жыгачына байлануучу кайыш боо.

**БЕЛ КӨЧҮК** Адамдын, жаныбарлардын белден куйрукка чейинки бөлүгү. *Жоон санына, бел көчүгүнө минанын чачырандылары тийген* («Кыргыз Туусу»).

**БЕЛ КУДА БОЛУУ** Балдары төрөлө электе, боюнда барда, курсакта экенинде убадалашып, кудалашып коюу. *Сатылган менен Абдыраман кол алышып бел куда болуштук дешип бата айтышканы ырас* (Сыдыкбеков). *Акунхан менен Манас бел куда болушкан.* («Семетей»). *Бел куда болгон атаңыз, Берметтин пейли сүйгөн курбалы* («Саринжи-Бөкөй»).

**БЕЛ КЫЛУУ** *к.* **бел байлоо 1.**

**БЕЛ КЫРЧОО** 1. Боз үйдүн туурдугунун ортосунан тегерете курчалган узун жип. 2. Бел, адамдын кур курчалчу дене тушу. *Бел кырчоосуна чейин чечинип салып арыктагы сууга ахалап ырахаттана жуунду* (Каимов).

**БЕЛ САЛДЫ** Анча түзүк эмес, эч натыйжасыз. *Бел салды жумуш болду. Бел салды кылды.*

**БЕЛ СУУ** Эркектин уругу, сперма.

**БЕЛ ТАНАП** *аңч.* Тордун ортосунан танаптаган кырчоо жиби.

**БЕЛ ТУТУУ** *к.* **бел байлоо.**

**БЕЛ ЧЕЧПӨӨ** Тыным албоо, такай жоо

бетинде же иш үстүндө болуу. *Чырым ушул учурда күнү-түнү бел чечпей иштеди* (Каимов). *Бел чечип үйдө жатпаган, Мээлесе жаздым атпаган* (Бөкөнбаев).

**БЕЛБОО** Чарчы кездемеден же ар кандай түстөгү жиптерден эшилип, өрүлүп жасалган кур. *Өзү белбоону жая, нан жеп отурду.*

**БЕЛГЕ ТАҢУУ** Таяныч, тирек, ишенимдүү жөлөк. *Артык балбан Карадөө Айласын таппай жүрүүчү Белге таңуу Чоронун Берендигин билүүчү* («Сейтек»). *Арбын кыргыз биригип Белге таңуу беренди Чокмор кылып алалы* («Сейтек»). *Бир уруудан хан шайлап, белге таңуу кылып, бир жакадан баш чыгарышыбыз керек* (Көчкөнов).

**БЕЛГИ** 1. Адашпай оңой тааныш үчүн, таап алуу үчүн атайын коюлган, ылайыкталган нерсе, тамга ж.б. *Геологдор болсо, баланча жерде көмүр бар деп гана белги урушат* (Сасыкбаев). 2. Ар кандай мүнөздүү, тийиштүү касиеттер, сырткы көрүнүштөр. // *Көз карашы менен өңдөрүндө андай жаман адамдык белги байкалбайт* (Жантөшев). *Март айы болсо да азыр бул жерде жаз белгиси жок* (Жантөшев). 3. Кандайдыр бир шарттуу түшүнүктү билдирген жаңсоо, ишарат, кабар. *Бул булбулдун үнү эмес, жолдошторуна берген Маманазардын белгиси эле* (Жантөшев). *Азизхан ары кетти топтон чыгып, Сынчыга «ал» дегендей белги кылып* (Осмонов).

**БЕЛГИЛЕ** 1. Белгилүү болуп туруу үчүн бир белги коюу, тамга салуу же кандайдыр бир белгилерин байкап калуу, баамдап алуу. *Айтылган кырга жетип, ыңтайлуу жерди жаңылбагандай белгилеп алдык* (Элебаев). 2. Дайындоо, аныктоо, чектөө. *Эртең иштеле турган жумушту бүгүн белгилеп алабыз* (Убукеев). *Агротехниктик курсуна киши сурап жатат. Раис эки кишини белгилеп турат* (Байтемиров). // Кандайдыр бир белгисин, өзгөчөлүгүн, сапатын ж. б. көрсөтүү, билдирүү, айгинелөө. *Төшүңүздө кош орден, Баатырдын түрүн белгилейт* (Нуркамал). *Эр Курманбек келди де, Келгенимди белгиле* («Курманбек»). *Калың элге арзымды Айтып турам белгилеп* (Токтогул).

**БЕЛГИЛЕН** **белгиле** этишинин өздүк мамилеси. *Аял эми алсырады чынынан, Соо болбосу белгиленди тынынан* (Токомбаев).

**БЕЛГИЛЕШ** **белгиле** этишинин кош мамилеси.

**БЕЛГИЛӨӨ** **белгиле** этишинин кыймыл атоочу. *Туулган күнүн белгилөө.*

**БЕЛГИЛҮҮ** 1. Ачык-айкын, дайын, маалым. *Татыбектин сыры өзүңөргө да белгилүү го* (Байтемиров). *Айдай менен Бекендин мамилеси Салык менен Курманга да белгилүү болду* (Каимов). 2. Атактуу, атанган, таанылган, көрүнүктүү. *Анын чоң атасы белгилүү чоң сынчы болгон* (Каимов). *Биздин айылда белгилүү келиндер көп, бири эмгек баатыры болсо, экинчиси даңктуу саанчы* (Каимов).

**БЕЛГИСИЗ** 1. Белги коюлбаган, белгиленген эч белгиси жок. *Мени белгисиз калтырбасын, качан болсо да сөөгүмдү Кетмен-Төбөгө алып кетишсин* (Токомбаев). 2. Дайыны, кабары жок, дайынсыз, ачык эмес. *Күн качан ачылары белгисиз* (Убукеев). *Бирок кайсы жерге келгендери белгисиз* (Жантөшев). *Үй ким колдуу болуп өрттөнгөндүгү белгисиз* (Жантөшев).

**БЕЛГИСИЗДИК** Кабарсыздык, дайынсыздык, ачык эместик. *Алда кандай белгисиздикке көңүлүм толкунданат.*

**БЕЛДЕМЧЕ** *туурасы:* **белдемчи.**

**БЕЛДЕМЧИ** 1. Көбүнчө баасы кымбат, сапаттуу калың кездемелердин (баркут, чий баркут, плюш, нооту, кымкап ж.б.) биринен коолдолуп жасалуучу аялдардын көйнөктүн сыртынан белден ылдый кийилүүчү кийими. *Белдемчи, кыяк байланып* («Манас» С.О.). *Белдемчи белде кыналып, Олоңдой чачы чубалып* («Эл адабияты»). *Батийна белдемчисин тартынып, шаңдуу бастырып жолго чыкты* (Сыдыкбеков). 2. Баатырлардын жоо кийимдеринин түрү – белден ылдый тартылуучу аялдардын кийими түрүндө жасалып, негизинен ок, кылыч ж.б. куралдардан калканч катары сактоо милдетин аткарат. *Белдемчи темир байланып* («Манас» С.О.).

**БЕЛДЕН БАСУУ** Баш көтөртпөө, мүңкүрөтүү, өйдөлөтпөө. *Сөөгүмөн сөзүн өткөрүп Арамдар басат белимден* («Семетей»). *Жокчулук белден басты* («Ала-Тоо»).

**БЕЛДЕР** *диал.* Жаш жигит, улан.

**БЕЛДИ БЕКЕМ БУУ** Кайрат кылуу, өзүнө-өзү дем берүү, кайраттануу, чымыркануу, белсене киришүү. *Энди, Теңирберди аке күйүткө алдырбай белди бекем бууганыңыз жакшы* (Касымбеков). *Андан көрө белди бекем бууп, шартылдап жүрө бер* (Абдукаимов). *Байымбет калган өмүрүн ашырбай да, кемитпей да ишкер пайдаланууга белди бекем бууду* (Бейшеналиев). **В.: Бел буу.** *Безеленип жамандыкка белди бууп эрте тотуккан курагым эле* (Бейшеналиев). *Үйдүн тун уулу катары белди бууп, эрте жаздан атасынын кетменин көтөргөн* (Бейшеналиев). *Азабы менен жыргалына белди бууп ташташты* (Осмоналиев).

**БЕЛДИК** 1. Кууттан чыккан ургаачы койлор менен бирге жайылган кочкорлорго тартылуучу калканч. *Белдик тагылган кочкорлор.* 2. Оттук таш, бычак кошо тагылуучу кур. 3. Тери же кийизден жасалып, улгайган аялдар тартына турган жазы кур.

**БЕЛДҮҮ** 1. Күчтүү, кубаттуу. *Тээп темир үзчү балбандардай Шамбет менен Сергей кайраттуу да, белдүү да* (Сыдыкбеков).

*Белдүү жигит болорсуң Бешигиңе сыйбасаң* (Осмонов). 2. Кадыр-барктуу, беделдүү, жөлөк-таяныч боло турган. *Ошол Акман колхоздо белдүү кишинин бири* (Сыдыкбеков). *Же менин төркүнүм белдүү болсочу* (Каимов).

**БЕЛЕ** 1. Божомолдоо, суроо маанисинде колдонулат. *Тамашаны өзү баштап, нурдай жайнап олтурбайт беле* (Сыдыкбеков). *Ушунда түшмөк белеңиз* (Сыдыкбеков). 2. Өкүнүү, өтүнүү маанисинде колдонулат. *Эл алдына келип, кечирим сураса болбойт беле* (Байтемиров).

**БЕЛЕК** 1. Бирөө тарабынан экинчи бирөөгө арналган сыйлык, тартуу. *Бейшеке дайыма шаардан белек ала келүүчү* (Бейшеналиев). *Анархан Ажарга белек даярдоого киришкен* (Жантөшев). 2. *өт.* Тукум. *Жалгызыңдан бир туяк, Белек калган өңдүү* («Семетей»).

**БЕЛЕК-БЕЧКЕК** Ар кандай белектер, арнап алынган нерселер. *Жоо жарагын алып, куда-кудагыйга арнаган белек-бечкек жана жол азыгын артып, Ашым бир атты коштоду* (Убукеев).

**БЕЛЕКЕЙ** *диал.* Жапыз, кичине.

**БЕЛЕКТИК** Белекке жарай турган, белек кылууга арналган. *Гүлжамалга белектик – көйнөктүк кызыл шай алды* (Осмонкул).

**БЕЛЕКЧЕ** Кичирээк белек, майда белек. *Таңылган белекчелер тез гана жоокерлердин колдоруна өттү* («Советтик Кыргызстан»).

**БЕЛЕМ** Божомолдоп айтууда, ырастоодо колдонулат. *Чындыгында эле жаткан бир бабыр белемсиң! – деди Жаркын* (Убукеев). *Артыкча Гүлнарга жага бербей калды белем* (Сыдыкбеков).

**БЕЛЕН** Даяр, даярдалган, камдалган. *Эгер өлкөм керек десе биз белен, Эл эркиүчүн туулганбыз энеден* (Осмонов). *Конгон үй эң бир таза, кенен экен, Мейманга аштамагы белен экен* (Осмонов).

**БЕЛЕНДЕ** Даярдоо, камдоо. *Айдай кийимдерин кийинип, чемоданын беленделп жатты* (Каимов). *Биз мылтыктарыбызды белендедик* (Каимов).

**БЕЛЕНДЕЛ беленде** этишинин туюк мамилеси. *Керектүү нерселер беленделип коюлду.*

**БЕЛЕНДЕМЕ** Бир ишти, нерсени бүтүрүп, жасап, аткарып берүүсү үчүн башка бирөөгү, адиске атайын кайрылуу, тапшыруу (заказ). *Белендемелер өз убагында аткарылуу. Басмаканага миң нускада китеп чыгарууга белендеме берилди. Белендеме боюнча уздар кооз шырдак даярдашты.*

**БЕЛЕНДЕН беленде** этишинин өздүк мамилеси. *Черүүнү чексиз алыптыр, Беленденип калыптыр* («Манас»).

**БЕЛЕНДЕТ беленде** этишинин аркылуу мамилеси. *Белендетип турду эми, Самоорун бат койдуруп* («Мендирман»).

**БЕЛЕНДЕШ беленде** этишинин кош мамилеси.

**БЕЛЕНДИК** Даярдык.

**БЕЛЕНДӨӨ беленде** этишинин кыймыл атоочу. *Кышка карай жем-чөптү белендөөдө.*

**БЕЛЕС** Жон-жон болуп кеткен тоо кыркасы, майда-майда жондонуп кеткен тоолор. *Белес сайын жайылган, Ферманын түрлүү малдары* (Осмонкул). *Коргон кыштактын эң четинде белес-белес болуп жаткан адырлардын этегинде* (Абдукаримов).

**БЕЛЕСТҮҮ** Белеси бар, белеси көп. *Белестүү тоо. // Жайкалган жашыл шибер, кең белестүү.*

**БЕЛЕСЧЕ** Кичирээк белес. *Совхоздун койлору белесченин башталышында жайылып жаткан экен* (Убукеев).

**БЕЛЕТ** Билет. *Белетин чөнтөгүнөн ала салып, Талонго белги коюп, кайра салды* (Токомбаев). *Белетимде колуң калды коюлган* (Үмөталиев).

**БЕЛИ КАЙЫШУУ** *к.* **бели майышуу.**

**БЕЛИ КАТУУ** Эр жетүү, чоңоюу, баралына келүү. *Токомдун бели катканда үстүмдөн жүгүм түшөр, – деп ойлоп коюп жүрөр эле атасы* (Сыдыкбеков). *Бели ката электе эле чоңдор сыяктуу колхоздун оор жумуштарын аткарууга киришиптир* (Саатов).

**БЕЛИ МАЙЫШУУ** Кыйынчылык, оорчулук келүү, өтө оор абалда калуу, кыйынчылык, оорчулукту көтөрө албай кыйналуу. *Аттиң ай, Алымкулдун атасы мезгилсиз кеткенге жигиттин бели майышып турбайбы* (Абдукаримов). *Бел майыша турган нерсе – бул өзүбүздө күчтүн жетишпегени болуп турат* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Бели кайышуу.** *Кызыл таздан таяк жеп, бели кайышып, кыйноо тарткан мен карыпты демдентип, жашартчу өзүңсүң жаркыным* (Бейшеналиев).

**БЕЛИ СЫНУУ** Оор кырсыкка учуроо, башына күн түшүү, бедели түшүү. *Бул жердеги бай, манаптын бели Бийаалы менен Түркмөн камалганда бир сынса, Абыкка келин алып бергенде экинчи сынды* (Жантөшев). *Тоголок Молдонун... Кеңеш өкмөтүнүн көрөр көз ишмерине айланганы бели сынып, кансыраган зулумдарды кекентип кыжынтууда* (Бейшеналиев). **В.: Бели мертинүү.** *Көтөрүлгөн букара урууларынын бели мертинген менен, залимдерге кеги, өчүгүүсү чыңалгандай* (Бейшеналиев). *Биздин кичине белибиз мертинип турганын көрүп айтып турганын кара, – деди кемпир мага* (Элебаев).

**БЕЛИ ТИЙҮҮ** *к.* **аркасы тийүү.**

**БЕЛИМЧИ** Бирөөнүн сөзүн, кыймыл-ара-

кетин туурап кайталай берүүчү адам (көбүнчө улгайган аялдар). *Белимчи болуп кетүү.*

**БЕЛИН ОМУРУУ** Баш ийдирүү, багынтуу, беделин түшүрүү. *Бир айылдын белин омуруп, дегенин орундатып, кызын тартып келген Жылматай* (Осмоналиев).

**БЕЛКҮРӨК** *диал.* Темир күрөк.

**БЕЛЛЕТРИСТ** Беллетристикалык чыгармалардын автору, жазуучу.

**БЕЛЛЕТРИСТИКА** Проза менен жазылган көркөм адабият. ‖ *сүйл.* Классикалык чыгармага караганда окулушу жеңил чыгарма.

**БЕЛЛЕТРИСТИКАЛЫК беллетристика** дегенге таандык. *Беллетристикалык чыгармалар.*

**БЕЛОК** Тирүү заттын структурасы менен функциясынын туруктуу жана эң маанилүү составдык бөлүгү болгон татаал органикалык зат. *Баланын улам өсүп турган организми зор өлчөмдөгү белок жана башка ар түрдүү витаминдерди талап кылат* («Кыргызстан аялдары»).

**БЕЛОРУСТАР** Белорусиянын негизги калкын түзгөн чыгыш славяндык эл.

**БЕЛСЕМДҮҮ** Ишке зор кайрат менен, белсенүү менен киришкен, ишенимдүү, белдүү. *Кадыр – большевиктер тобундагы белсемдүү жигиттердин бири* (Сасыкбаев). *Дилденин түрүндө белсемдүү кайрат, ноюгус кубат турат* (Касымбеков).

**БЕЛСЕМДҮҮЛҮК** Белсемдүү аракеттер, кайраттуулук. *Белсемдүүлүк менен иштөө.*

**БЕЛСЕН** Кайраттуулук, чечкиндүүлүк менен киришүү, бел байлоо. *Белсенип иште эр жигит, Бекерге карап турбастан* (Осмонкул).

**БЕЛСЕНҮҮ белсен** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕЛСӨӨЛӨ** Белден бүктөө, белден бүктөп бөксөлөө. *Бээ союп, тай алып, Белсөөлөп бөксө кой алып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БЕЛУГА** Эти, икрасы баалуу, осетра түркүмүнө кирүүчү балык.

**БЕЛЧЕ** Бел орто чен. *Кадыр белчесинен өөдө жылаңач, булчуңдары көмүрдүн тоскогу менен боёлгон* (Сасыкбаев). ‖ Бир нерсенин капортосу. *Кой сааганда челеги Белчесинен кок болот* (Тоголок Молдо).

**БЕЛЧЕСИНЕН БАТУУ** Терең малынуу, абдан аралашып калуу. *Жеген-ичкенге белчемден батып, бүтүнүн бүкүлү жутканым бул эмеспи* («Чалкан»). *Карызга белчесинен батты. Ушинтип, сары убайымга белчебизден батып, баш көтөрө албай отурабыз, – деп төрдөгү улгайган аял шуу үшкүрүп койду* («Ала-Тоо»).

**БЕЛЧИР** 1. Жылкынын соорусу, арка менен жамбаштардын кошулган жери. *Ат кулактан жулуп белчирге төшөй, көрпөчөмдүн бир учун анын үстүнө салып берип, Сатыкулду учкаштырып алгам* (Касымбеков). 2. Жылкынын соорусунун терисинен жасалган өтүк.

**БЕЛЬГИЯЛЫКТАР** Бельгиянын калкы.

**БЕЛЯШИ** Ичине эт салынып камырдан даярдалып майга бышырылуучу нандын түрү.

**БЕНАРЕС** Токулушу жана бышыктыгы жагынан бейкасамга окшош кездеме. *Нузуп бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен ак камзолго селдесине бир өңдөш көк бото кур курчанган.* (Касымбеков).

**БЕНДЕ** пенде менен бирдей. *Жаратат экен кудурет Биздей кайгысы көп бендесин* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БЕНДЕЛИК пенделик** менен бирдей. *Бенделигим билгизбейм Бек сөзүм сизге тийгизбейм* («Манас»). *Кудай кылса – бенделик, өтөрсүз шөнтүп сенделип* (Тоголок Молдо).

**БЕНЕФИС** Бир же бир нече катышуучулар үчүн арналган спектакль же концерт. Учурда тигил же бул артисттин чыгармачылык отчету.

**БЕНЗИН** Нефтиден иштелип алынган күйүүчү түссүз суюктук. *Бензин куюу. Бензинди пайдалануу.*

**БЕНЗОВОЗ** Бензин, керосин, ж.б. күйүүчү май ташыган автоунаа.

**БЕНЗОКОЛОНКА** Автомобилдерге бензин жана ушул сыяктуу күйүүчү заттарды берип туруу үчүн атайын орнотулган насос жабдуусу. *Бензоколонкада иштегениме көп болду.*

**БЕНЗОЛ** Түрдүү боёкторду, жарылуучу заттарды ж.б. иштеп чыгаруу үчүн колдонулуучу, өзгөчө жыты бар, түссүз, тез от алуучу суюктук.

**БЕНУАР** *театр.* Партер менен катарлаш турган лоджанын төмөнкү ярусу.

**БЕП** *бе-* менен башталган сын атооч же тактооч сөздөрдүн алдында колдонулуп, ал сөзгө күчөтүү маанисин берет: бепбекер, бепбелен. *Мактанганың бепбекер Сага менден жардам бар* (Тоголок Молдо).

**БЕПБЕЛЕКЕЙ** *диал.* Кипкичинекей.

**БЕР** 1. Бир колдон экинчи колго өткөрүү, кол менен узатуу. *Абылбек колундагы книжкасын учетчик келинге берди* (Жантөшев). ‖ Сунуу. *Амансызбы баатыр деп, Акмамат колун берди дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Колмо-кол сунуш кылуу, астына коюу, камсыз кылуу, алдына тартуу, ичкенге-жегенге ж.б. мүмкүндүк ачуу. *Түш болсо берет кымыран* (Барпы). 3. Башканын карамагына, пайдалануусуна өткөрүү, экинчи бир тарапка ыйгаруу. *Убада, шертиң кыла бер, Калыңсыз берем кызымды* («Олжобай менен Кишимжан»). ‖ Пайдаланууга уруксат кылуу *Буудайы жакшы келинге өзөндөн эки кулак суу берем* (Осмонов). ‖ Жиберүү, өткөрүү. *Маши-*

*нага газ берип, Төшүн кагып койду да* (Токомбаев). *Бакчага суу берейин,– деп Бурма болбой койгон* (Сыдыкбеков). // Жиберүү, жөнөтүү. *Эмне үчүн чыгарда Телеграмма бербедиң* (Маликов). 4. Уюштуруу, өткөрүү. *Сыйнатын кылып балдары Кара ашын берип көөмптүр* («Мендирман»). *Кыргыз, казак көп экен Анда да концерт бергемин* (Шүкүрбеков). *Саатка ченеп сабагын берет* (Тоголок Молдо). 5. Суроо коюуга, жооп кайтарууга, бир нерсе деп айтууга, билдирүүгө кандайдыр бир аракет жасоого мүмкүнчүлүк алуу, мүмкүндүк болуу. *Баштагы суроосун Зарылга берди* (Сыдыкбеков). *Акылыңды жыйнап шашпай, жакшылап жооп бер* (Жантөшев). *Өтүп кете берсин дегендей кылып, жолдошторума ишарат бердим* (Жантөшев). *Салам берип, мен жакындай бергенде, Ызаат кылып жаштар тура калышты* (Токомбаев). *Эшендин элден алганын Баа берип ырдадым* (Токтогул). 6. Чабуу, коюп калуу, уруп жиберүү. *Тагай Алымкулду өрмө камчы менен жонго берип калды* (Абдукаримов). 7. Атооч сөздөр менен айкалышып, жардамчы этиштик милдетти аткарганда ал атооч сөздүн маанисин этиштик мааниге өткөрөт. *Ал багынын арасынан үн берди* (Токомбаев). 8. Жардамчы этиш катарында колдонулат. *Күн кыскара берди* (Убукеев). *Сүйлөшсөңөр, чакырып берем* (Токомбаев).

**БЕРБЕСТИН АШЫ БЫШПАС** Берем дегенин бербей создуктурган, күттүрө берип тажатып жиберген абалга карата айтылат. *Бербестин ашы бышпас кылып, сиз анча тайсалдабаңыз* («Чалкан»). *Мурат ичинен «Бербестин ашы бышпас» деди да оор үшкүрдү* (Элебаев).

**БЕРГАМОТ** Жемишинин кабыгында эфир майы бар, кондитердик жана парфюмердик нерселерди иштеп чыгарууда колдонулуучу цитрус жыгачы.

**БЕРГИЗ бер** этишинин аркылуу мамилеси. *Палоо менен самса дагы бергиздим, Татып койду, аны дагы жебеди* (Токомбаев).

**БЕРДИР бер** этишинин аркылуу мамилеси. *Кызы жакпай калганга, Сакадай алтын бердирди* («Эр Төштүк»).

**БЕРЕ береги** менен бирдей. *Бере, Кара-Дөбө кайкаңча Берендер ордо аткан жер* («Сейтек»).

**БЕРЕГИ** Жакын аралыктагы нерсени көрсөтүү же бир нерсеге карата шилтегендикти билдирүү үчүн колдонулат. *Береги кайкы белеске Басып чыктым жай алып* («Эр Табылды»). *Береги үйдөн чырак бүлбүлдөйт* (Байтемиров).

**БЕРЕГИДЕ** Жакын аралыкта, көз учунда. *Элдин күткөнү берегиде келе жаткан чоң сакал Димитрий эле* (Сыдыкбеков).

**БЕРЕГИНДЕ берегиде** менен бирдей. *Берегинде бир адам алдындагы койго шашып баратат* (Элебаев).

**БЕРЕКЕ** 1. Молчулук, жетиштүүлүк, кенендик, кеңчилик. *Буурусун менен эккен дыйканчылыкта эмненин берекеси* (Убукеев). *Кең береке – адамга айран, каймак, Мал береке – тоо-тоодо жаткан жайнап* (Шүкүрбеков). *Чаначтын берекеси – булуңунда* (Сыдыкбеков). ‖ Жакшылык, ийгиликтүү натыйжа *Бейлин салып иштесе, Берекеси мына ушу* (Тоголок Молдо). *Бул сыяктуу адал кызматыңдан береке табарсың* (Жантөшев). 2. *Таандык м. менен:* берекем. Көңүл сезимин, жакшы көргөндүгүн билдирүүдө, эркелеткенде колдонулат. *Берекем, медерим, каралдым! – деп Апал жалынып-жалбара берди* (Убукеев). *Сакадай болгон берекем, Садагаң кетсин энекең* (Бөкөнбаев).

**БЕРЕКЕ ТАППАГЫР** Оңолбогур, жарыбагыр деген маанидеги каргыш. – *Атаа бечара ай-э! Алиги аракеч ит, береке таппагыр, жедеп эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!* (Өмүрбаев).

**БЕРЕКЕЛҮҮ** Берекеге мол, берекеси бар, үнөмдүү. *Ак төөнүн карды жарылган, берекелүү күз* (Сыдыкбеков). *Калем каш сулуу Телегей, Берекелүү турбайбы Эл күткөн сенин ашканаң* (Токтогул).

**БЕРЕКЕСИЗ** Берекеси жок, үнөмсүз. *Берекесиз адамдын пейли кыйын тар болот* (Осмонкул).

**БЕРЕКЕТ береке** менен бирдей. *Аракет кылсаң, берекет болот* (макал).

**БЕРЕКИ береги** менен бирдей. *Артыкча жубун бузбагандар береки төрт кыз болду* (Сыдыбеков).

**БЕРЕН** 1. Алгыр, кыраан бүркүттүн бир түрү. *Мунүшкөр таптан айныса, Мурунтан алгыр жаш берен, Далбага келбейт үндөсө* (Бөкөнбаев). 2. Баатыр, эр, каарман. *Берен Манас кылычты, Белине бекем чалыптыр* («Манас»). *Беш берендин ичинен Семетей баатыр кеп айтат* («Сейтек»). 3. Акылман, кыраакы. *Берен катын Кенжеке, Сырттанына ошондо, Берген экен аманат* («Эр Төштүк»). 4. Кээде какшык түрүндө уятсыз, ар нерсеге суктук, бетсиздик менен кол суна берген кишиге карата колдонулат. *Берениң кошо сойдуруп* («Манас» С.К.).

**БЕРЕНДЕ** Статья.

**БЕРЕНДИК** 1. Баатырдык, эрдик. *Берендигин карачы, Бүгүн да Манас баласы, Семетей анын агасы* («Сейтек»). 2. Акылмандык, кыраакылык. *Адамзаттын акылманы, Берендигин ырдайын* (Бөкөнбаев).

**БЕРЕНДИН ТУМШУГУНДАЙ** Жырткыч куштардын тумшугундай, бүркүт тумшугундай, куш мурун деген мааниде. *Мурду берендин тумшугундай болуп, тиши жок оозуна карай имерилип турат.* (Токомбаев).

**БЕРЕНЕ I** 1. Домбура, гитар ж. б. ушуга

окшогон музыкалык аспапта күүнү, обонду мукамга келтире турган муунактар. *Тилиңдин басып көрүп беренесин, Таңдайын кубулжутуп сайрап берсин* (Токомбаев). 2. Өлчөмдүү баскыч. *Басар жолдун жазынан күзү жакын, Буурул тартып баратат кара чачым. Беренесин өмүрдүн санай берем* (Байзаков).

**БЕРЕНЕ II** Амнистия.

**БЕРЕНЕ III** Көркөм.

**БЕРЕНЕЛҮҮ** 1. Беренеси бар, беренеге бөлүнгөн. *Тогуз беренелүү гитар.* 2. *өт.* Сонун, көркөм. *Беренелүү Каркыра Бек жакшы жайлоо деп угуп* («Манас»).

**БЕРЕНЖИ** 1. Сабы асыл таш менен кооздолгон кылыч. *Беренжисин байланып, Бектер минчү ат экен* (Манас). *Беренжисин байланып, Берени келет канча жан* («Манас»). 2. Жибектин бир түрү. *Беренжиден көйнөгүн Белине ороп таңды эми* (Эл ыры). *Беренжисин салынып Берени келет аркадан* (Манас). *Беренжи кийген кандарга* («Семетей» С.К.). *Берметти ала турган болгон соң беренжиден беш кабат, атилестен алты кабат калың төшөк салган менен таң жакында атпай турат* («Эл адабияты»).

**БЕРЕНСИ** Өзүн баатыр сезүү, баатырсынуу. *Беренсиген шер киши, катынга атын берчүбү?*

**БЕРЕРМАН** Берүүчү. *Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп* (макал). // Колунан эч нерсени аябаган, март, берешен.

**БЕРЕСЕ** Кайтарып берүү шарты менен алынган карыз, насыя. *Бересемди былтыртан бери бербейт. // Кызыл жүзүн оңдуруп Сарык кылган бересе* (Тоголок Молдо).

**БЕРЕСЕЛҮҮ** Карыздар, бересеси бар. *Алмага береселүү.*

**БЕРЕСЕЧИ** Бересесин берүүчү киши, карыздар киши. *Бересечи болуп калуу.*

**БЕРЕТ** Тегерек формадагы, кыйыры жок баш кийим. *Кемпир буурул чалган башына бырышкан берет кийип алган* («Кыргызстан» аялдары»).

**БЕРЕШЕН** Колу ачык, эч нерсе аябаган, март. *Экинчи жоомарт берешен, Жоомартка жорук бир нечен* (Тоголок Молдо).

**БЕРЕШЕНДИК** Марттык, жоомарттык, колу ачыктык. *Кенебеген кең пейил, Берешендик өзүндө* (Тоголок Молдо). *Күн өзүнүн мээримдүү нурун берешендик менен төгүп, кар эрий баштады* (Абдукаримов).

**БЕРЖАК** Белгилүү бир чектен берки тарап. *Бержакта койлор жайылып жүрөт.*

**БЕРИ I** 1. Берки тарап, белгилүү бир чектин берки жагы. *Канатка салып көтөрүп, Бери карай чыгарда* («Эр Төштүк»). ‖ Берки тарапты карай, сүйлөп жаткан тарапка жакын. *О, бери бас, мына муну карачы* (Токомбаев). *Чыгып кел, бери* (Сыдыкбеков). *Мамыр койлорун үйүнүн жанындагы боорго таштап, бери чу койгон* (Бай- темиров). 2. Чыгыш жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен атоочтуктарды жандап, белгилүү бир мезгилден кийинки учурду билдирет. *Кырк жылдан бери кыраан куш Терекке уя салыптыр* («Эр Төштүк»). *Боорун жерден алып, эмгектей баштагандан бери нечен ирет суунун боюнда сайран курган* (Байтемиров). ‖ Мейкиндик маанидеги зат атоочтор менен айкалышып, орунду билдирет. *Шаардан бери үч чакырым.* // Зат атоочтор менен айкашканда мейкиндик, мезгилдик маанидеги эмес, буткүл, бүт бардыгы дегенди билдирет. *Кыздын колундагы камчысынан бери жаркыраган оймо-чийме менен кооздолгон* (Каимов). ‖ Белгилүү бир чектөөнү, чекти билдирет. *Арысы жети, бериси беш жигит жолдошум болсун* (Сыдыкбеков).

**БЕРИ II** *туурасы:* **пери.**

**БЕРИ БОЛГОНДО** Эң жок дегенде, болбой калды дегенде. *Бери болгондо өз күнүнан эки эсе ашып түшмөк, бекер кылгансың* («Ала-Тоо»).

**БЕРИ КАРАП КҮЛҮҮ, АРЫ КАРАП ЫЙЛОО** Кыйылып, арандан-зорго, амалсыздан, аргасыздан, араң дегенде. *Бери карап күлүп, ары карап ыйлап жатып берди, – деп ыйлап жиберди* («Ала-Тоо»).

**БЕРИ КАРОО** Сакаюу, оорудан баш көтөрүү, айыгуу. *Ooру алсыратып, дароо көз жанары өчүп кетти, кемпир эми бери карабасын билди* («Ала-Тоо»). **В.: Бери багуу.** *Сестралар өз ара сүйлөшкөндө, ... оорусу уларып кетти, бери багар эмес, – дешет* (Жусупов). *Мырза-Чөлгө келгенде Кочкорбай ажынын оорусу күчөп, бери бакпай турган болду* (Токомбаев).

**БЕРИЗААДА** *туурасы:* **перизаада.**

**БЕРИЗАТ** *туурасы:* **перизат.**

**БЕРИЛ** 1. **бер** этишинин туюк мамилеси. *Сөз кезеги Сарыга берилди* (Убукеев). 2. Ынтаасын, көңүлүн коюу, жан-дили менен көңүлдөнүү, жакшы көрүү. *Жадабай ишке берилген Жаш күнүңдөн балбансың* (Токтогул). *Ким берилип сүйбөсүн, Көтөрүп баккан энени* (Бөкөнбаев).

**БЕРИЛЕ** Улам бери болуу, жакындоо, бери карай жылуу. *Тоодой толкундар уламулам түрүлүп, бирин-бири кубалап, берилеп отурат* (Байтемиров).

**БЕРИЛЕТ бериле** этишинин аркылуу мамилеси. *Зарыл колундагысын дагы берилете жылдыртты* (Сыдыкбеков).

**БЕРИЛҮҮ берил** этишинин кыймыл атоочу. *Анык берилүүнү так ушул энелик сезим туулганда гана көрдү* («Советтик Кыргызстан»).

**БЕРИМСЕК** Бересе, берүүгө милдеттүү. *Беримсек болуп калдык.*

**БЕРИТЕН** Бери жактан эле, так өзүнө жетпестен, жакын калганда. *Өкүрүктү беритен башташты.*

**БЕРИШ** 1. **бер** этишинин кош мамилеси. *Эсилден калган бала деп, Сунуп колун беришип* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Бир аз берүү, бөлүп берүү, берип туруу, кайрылышуу, көмөктөшүү. *Олжоңдон бериш. Акча беришип тур. Тигил кишиге ушул арадан орун беришсек кантет* (Сыдыкбеков).

**БЕРИШТЕ** *туурасы:* **периште**.

**БЕРИШҮҮ бер** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕРК** Бек, бекем. *Асынып жүрсө Аккелте, Ай далынын көркү эле. Кара башка күн тууса, Калаалуу коргон – берк эле* («Семетей»).

**БЕРКИ** 1. Бери жактагы, бери тараптагы жагы. *Берки үчөө кобурашып жатып бир топтон кийин, уктап калышты* (Байтемиров). *Көйкөлүп мелт-мелт этет жайык бети, Көрсөтүп чоң боз үйдү берки четки* (Осмонов). 2. Чыгыш жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен айкалышып, мезгилди билдирет. *Бул биздин көптөн берки жашыруун сырыбыз эле* (Элебаев). *Үч күндөн берки алганыңдын баары кайда* (Элебаев).

**БЕРКОН** 1. Бакшы. 2. Баралына келген, толуп турган, толукшуган.

**БЕРМЕТ** 1. Суу түбүндө, үлүлдүн кабыгынын ичинде жетилүүчү кымбат баалуу зат. *Жакут, бермет аралаш* («Манас» С.К.). *Зумурут, бермет, көөкардан* («Манас» С.О.). ‖ Ушул заттан жасалган түрдүү кооз нерсе, жасалга. *Чачына кызыл акак, шуру, ак бермет жана седеп тагынган* (Жантөшев). *Шуру, бермет аралаш Тагындым мончок чачыма* («Эр Табылды»). 2. Аңдын жүнүндөгү жылтылдаган учку жүнү. 3. *өт.* Кооз, мөлтүр, тунук. *Көзүңдөн тамчылата мөлтүр жашың* (Барпы).

**БЕРМЕТ БОЛУУ** *аңч.* Кышында аң терилеринин толук жетилиши.

**БЕРМЕТТЕ** Бермет менен бастыруу, бермет менен жасалгалап кооздоо, бермет тизүү.

**БЕРМЕТТЕЙ** Бермет сыяктуу, берметке окшош. *Белди эңкейтип, күчтү алды, Берметтей аппак тишти алды* (Токтогул). *Берметтей тизилген сансыз жылдыздар жымыңдашып жер жүзүнө көрүндү* (Баялинов).

**БЕРМЕТТЕЛ бермette** этишинин туюк мамилеси. *Берметтелген кооз кийимдер.*

**БЕРМЕТТЕН** Бермет сыяктанып, мончоктогон абалда болуу. *Тер чыгып чекесинен берметтенет* (Бөкөнбаев).

**БЕРМЕТТӨӨ бермette** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕРМЕТТҮҮ** Бермет тагылган, бермет менен кооздолгон, бермети көп. *Берметтүү топу.*

**БЕРСЕНТ** *туурасы:* **перзент**.

**БЕРТ** *диал.* Мерт. *Берт болуу.*

**БЕРТИК** 1. Бели мертингендик, белин кокустатып алгандык. *Ошого көз арткыдай менин жаным жартык, белим бертик эмес* (Касымбеков). 2. Бертинген адамга үй-үйдөн сурап келип, ырым катарында жасалып берилүүчү тамак. *Бертик сурап келип тамак жасап берди.*

**БЕРТИН** Белин кокустатып алуу, мертинүү. *Сынгандан бертинген жаман* (макал).

**БЕРТИНТ бертин** этишинин аркылуу мамилеси. *Белин бертинтип алыптыр.*

**БЕРТИНҮҮ бертин** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕРҮҮ бер** этишинин кыймыл атоочу. *Алуу эмес берүү көп, Ар азапты көрүү көп* (Барпы).

**БЕРЧ** Тери менен эттин ортосуна пайда болгон катуу шишик. *Берч пайда болуу. Берч болуп катып калуу.*

**БЕРЧЕМДҮҮ** *туурасы:* **мерчемдүү**.

**БЕРЧТЕН** Берч болуп катуу, берч пайда болуу. *Берчтенип катуу.*

**БЕРЧТЕНҮҮ берчтен** этишинин кыймыл атоочу.

**БЕРЧТҮҮ** Берчи бар. *Берчтүү дарт.*

**БЕСАЗ** Жаман, жакшы эмес.

**БЕСИР** *эск.* Катчы. *Бесир жазат, силер болушсуңар, мөөр эле басасыңар* (Токомбаев).

**БЕСКЕК** *туурасы:* **безгек**.

**БЕСТСЕЛЛЕР** Атак-даңкка, суроо, талапка жеткен, бат сатылып кеткен китеп. *Айтматовдун чыгармалары Батышта дайыма бестселлер.*

**БЕТ** 1. Баштын ооз, мурун, көз жайгашкан маңдайкы бөлүгү, адамдын жүзү. *Кар жаап, улам бетке урган сайын көңүлдү сергитет* (Байтемиров). ‖ Адамдын жүзүнүн көздөн төмөнкү, эки жаактын ортосундагы бөлүгү. *Эки бети алмадай кызарган Жийдегүл үйгө кирди* (Сасыкбаев). *Калбүбү уялып кетти көрүнөт, бети тамылжып кызара түштү* (Убукеев). 2. Мейкиндиктин үстү, үстүнкү жайык жагы. *Көл бетине нур чагылышат* (Сыдыкбеков). *Таң сөгүлүп, жер бетине шооласын чачып калган кез* (Убукеев). *Байчечекей, мандалак, Жайнаган жердин бетинде* (Токтогул). 3. Бир нерсенин бир тарап жагы, капталы (мисалы, тоонун). *Береги чалкакта жаткан бир үйүр жылкы машинаны көрөр замат дыр берип, үрккөн бойдон, бетке чыга качты* («Жаш ленинчи»). *Акбар ашуунун аркы бетинде жүрдү* (Убукеев). // Жазы же жайылган нерсенин үстүнкү тарабы. *Дасторкон жайылып, анын бети түрдүү тамакка толду* (Байтемиров). 4. Китеп, журнал ж. б. ар бир барактарынын эки жаккы тарабы. *Тамгалар сапсап тартып, ак кагаздын бетине кандайдыр жарашкансып көрүнөт* (Сыдыкбеков). *А күнү газетаңдын ачып бетин, Карасам улам жаңы келет сезим* (Нуркамал). 5. Уят, абийир. *Жеген чөптү танасың Бетиң кана, куба кой* (Тоголок Молдо).

**БЕТ ААРЧЫ** *же* **ЖҮЗ ААРЧЫ** Көбүнчө

ооз, мурун, бети-колду сүртүүгө арналган кичинекей чарчы жоолук, кол жоолук. *Жума бет аарчысы менен чекесин сүртүндү* (Каимов). *Эми жүз аарчыдан улам ошол жыт кыздын жыты экенин туйду* (Айтматов).

**БЕТ АЛГАН ЖАГЫНАН ЖАЛГОО** Бата, максатыңар ишке ашсын, ойлогонуңар ордунан чыксын деген мааниде. *«Балам, бет алган жагыңан жалгасын, ишиң оңунан чыгып олжолуу кайт!» – эне отура калып бетине бата тартып жиберди* (Өмүрбаев).

**БЕТ АЛГАНЫНАН КАЙТПАГАН** Туруктуу, айткан-дегенинен, көздөгөн максатынан кайра тартпаган. *Ал эми Зарыл Түндүк муз океанын, ач талааларды, күйүп жаткан чөлдөрдү багынткан, бет алганынан кайтпаган жаш адамдардын жүрөк титиреткен эрдигин баяндады* (Өмүрбаев). *Ушу силердин бактылуу күнүңөр үчүн башын сайган, бет алганынан кайтпаган баатыр аталарыңарды эстен чыгара көрбөгүлө, айланайындар!* («Ала-Тоо»).

**БЕТ АЛДЫ** Туш келди, баш-аламан, белгилүү бир багытта эмес, чачкын. *Ушундан кийин шыкалышкан калың көч, жөө-жалаң самсыган эл бет алды кетип жатты* (Сыдыкбеков). *Бала түш оогончо бет алды кыдыра берип, аябай чарчады* (Каимов).

**БЕТ АЛДЫРБОО** *к.* **бет бактырбоо.**

**БЕТ АЛУУ** Багыт алуу. *Таласты көздөй бет алып, Куюндап жөнөп калды эми* («Манас»).

**БЕТ АЛЫШУУ** Бетме-бет келүү, беттешүү, беттешип кармашуу. *Ушул жерде бет алышып, жоо менен Кан жошулуп, Кара кочкул аккан сел* (Турусбеков).

**БЕТ АЧАР** 1. Кандайдыр бир иштин башталышы, алгачкы башталмасы. *Окуучуларга биз сунуш кылган бул татынакай аңгемелер жаш талапкердин бет ачары* («Ала-Тоо»). *Менин айтып отурганым бул китепке бет ачар өңдүү гана* (Бөкөнбаев). 2. *диал.* Келин келгенден төрт-беш күн өткөндөн кийин жаш келинди кайнене, кайнатанын алдына бетин ачуу жөрөлгөсү. *Бет ачууга барайын.*

**БЕТ БАГА АЛБОО** Даап карай албоо, батына албоо, түз баруугa кудурети жетпөө, тике карай албоо. *Капилеттен кармалган күнөкөрдөй бет бага албай башын эңилтип, жазасын тартууну күттү* (Бейшеналиев). *Кары ата-энесине Бөбөк бет багып карай албай отурган* (Укаев). *Жоонун колу бет бага албай качышкан* (Турусбеков). *Ойго жеңдирип, ички сырын чечип айтышка бет бага албай сөзгө мокоду* («Ала-Тоо»).

**БЕТ БАКТЫРБОО** 1. Айтканга көнбөө, моюн сунбоо, чендетпөө, жолотпоо. – *Койгула, аралашпагыла! – деп Кален бет бактырбай тыйып салды* (Укаев). *Алкынган албуут катын тажаалданып, Алмакемди бет бактырбайт* (Сыдыкбеков). 2. Бет алдыдан катуу тоскоолдук кылуу, баш көтөртпөө (көбүнчө бороон-чапкын, жамгыр, карга карата). *Түн эле, Кар чапкындап элеп турду, Борошо бет бактырбай демеп турду* (Токомбаев). *Бет бактырбай турган бороон.* **В.: Бет алдырбоо.** *Көкөнү балдар үйүнө жиберели деп, бир мугалим келген. Бирок, Шекер аны бет алдырбай койду* (Касымбеков).

**БЕТ-БЕТИНЧЕ** Ар кими өз алдынча, бириндеп. *Бет-бетинче тунжурашып, узун санаанын учу-кыйрын жортушту* (Жантөшев).

**БЕТ КАТ БОЛУУ** Кандайдыр бир жагымсыз иши, оңтойсуз мамилеси, кылык-жоругу үчүн өзүн күнөөлүү сезип, ачык мамиле кыла албай, ыңгайсыз абалда калуу. *Кашкары бет кат болуп, устасын жооткотуунун ылайыгын таппай өз абалынан долдурады* (Бейшеналиев).

**БЕТ КЕЛДИ** Туш келди, белгилүү бир багытта же максатта эмес, бет алды. *Жонунда жабышкан балээ түшүп калар эмес, анда жорго атырылып бет келди чапты* (Айтматов).

**БЕТ МАЙ** Бети-колдун терисин күтүү максатында колдонулуучу, майлап, сүртүүгө ылайыкталган косметикалык заттар.

**БЕТ МАҢДАЙ** Тике маңдай, бет алды жак. *Коктунун бет маңдайындагы бадалдуу корумда бир жолдошум калды* (Жантөшев). *Алдыман бет маңдай чыга калды.*

**БЕТ ТЫРМАРЛЫК КЫЛУУ** Өзү кетирген каталыгын, кылмышын мойнуна албай, бирөөдөн көрүү, акчыланып жалаа кылуу, күнөөнү башкага койгусу келүү. – *Сен, Култай, бирөөнүн мекесин тебелептепсетип алып, анан мага арызданып бет тырмарлык кылдыңбы? – деди Мырзабай* (Абдукаримов). *Бет тырмарлык кылып, сенден эптеп ажырашканда да чындыкты жашырып качкан болчумун* (Абдукаимов).

**БЕТ ТЫТУУ// БЕТ ЖЫРТУУ** Эри өлгөн аялдын өтө күйгөндүктүн белгиси катары өз бетин тырмап тытышы.

**БЕТЕГЕ** Көбүнчө койго, жылкыга мыкты тоют болуучу майда жалбырактуу жапайы чөп. *Өндүр ичи мелтиреген бетеге, аны мал канчалык тепсеп жатса да, уйпаланып койбойт* (Убукеев). *Ак карды жээрде кашка эше-эше тээп, алдынан бетеге аралаш туланды эшип жей баштады* (Жантөшев).

**БЕТЕГЕЛҮҮ** Бетегеси көп, бетеге чыккан. *Бетегелүү колоту миң сан жылкы өрдөгөн* (Үмөталиев). *Ат чабымдан алыс бетегелүү жана шыбактуу көк жайык* (Жантөшев).

**БЕТЕР** Чыгыш жөндөмөдөгү атоочтор менен же тактоочтор менен айкалышып, салыштыруу, күчөтүү маанисин берет. *Менден бетер сен да ачуулуу белемсиң?* (Сасыкбаев). *Маңдайдан сылаган энеден бетер, бул сыдырым бир мезгил – үстүнөн*

*калкып өтөт* (Сыдыкбеков). *Жаан баягыдан бетер лыпылдап төгүп кирди* (Байтемиров). *Жылдызкан мурдагыдан бетер чыңалды* (Байтемиров).

**БЕТИ АЧЫК** Ийменгенди, тартынганды билбеген, уяты жок, кашка. *Азыркы балдардын бети ачык, Кээде алардын алдында сүйлөгөндөн өзүң ийменесиң* (Мырзаев). *Бети ачык келин.*

**БЕТИ АЧЫЛУУ** 1. Айыбы, кылган кылмышы ашкереленип, элге дайын болуу, билинүү. *«Кыял» бирикмесиндеги текшерүүнүн жүрүшүндө бети ачылган орчундуу кемчиликтердин өзөгү эмнеде болгон?* («Советтик Кыргызстан») *Кийин бети ачылганда кайдан алдың эле? – деп сурашса, «Кудаларга деп Алма-Атадан алып келгем», – деп жооп берет* («Ленинчил жаш»). *Кийинки мезгилде ...бир катар наркомандардын кылмыш бети ачылды* («Советтик Кыргызстан»). 2. Эч нерседен тартынбай, уялбай, тике, таамай сүйлөй турган болуу, ошондой абалга жетүү. *Турсун топто сүйлөп бети ачылганы, кандайдыр көңүлүн сергилеңдетип, башкача, пайдалуу адамга айланып бараткансыды* (Бейшеналиев). *Мурунчараак Бермет уялган болуп жүрдү, кийин кызара түшмөйүн таштап, бети ачылып кетти* («Ала-Тоо»). *Бети ачылып, аздыркөптүр чогулган топту самап, чакырык күткөнүчү* (Бейшеналиев).

**БЕТИ БОЗОРБОО** Эч уялбоо, кебелбөө, тартынып да койбоо. *Бети бозорбой туруп айтканын кара, уятсыз!* («Ала-Тоо»). *Чиркин, бети бозоруп койсо боло* («Чалкан»). *И-и-й, бети бозорбой туруп кантип айтты* (Жантөшев).

**БЕТИ ЖАРЫК** *к.* **жүзү жарык.**

**БЕТИ ЖОК** Уятсыз, абийирсиз. *Бети жоктун айтканын кара! Күнүгө эле көрүшүп, учурашып жүрбөйсүзбү?* (Баялинов). *Бети жок, акмак, сугалак, Бастыра албай тоо-ташка Калгандыр аты буралып* (Тоголок Молдо). *Мариянын сүрөтүн уурдап кетип, Прагадан чоңойттуруп, ал бети жок мага алпарган экен* (Ашымбаев).

**БЕТИ КАЙТУУ** Бир нерседен жалкып, жалтайлап, тартына түшкөндөй болуу, мурдагыдай батына албай калуу, басырыла түшүү. *Бирок, алигидей эмес, бети кайтып калган* (Укаев).

**БЕТИ КАЛБОО** Аябай уялуу, өтө ыңгайсыз абалда калуу. *Аннанын тынчы кетип, ...коммунадан чыгарып койсо, кайра кайсы бетибиз менен барабыз, элге эмне бетибиз калат деп санааркайт* (Ашымбаев). *Шашылыш колхоз иши үчүн келе жатып, балача алдатып жүрсөк бет калабы* (Кыдырмышев).

**БЕТИ КАЛЫҢ** Уялганды билбеген, уялбаган, эч нерсени тоготпогон, кенебеген. *Көзү тик, бети калың, кашка болбосо, жинди болгон кыз качабы?* (Жантөшев). *Күйгөнбышкан калың эл, Бети калың зулумдан* (Барпы).

**БЕТИ КАРА** Уяты жок, адамкерчилиги, адамдык сапаты жок, уят-сыйытты билбеген, маскара. *А Мырзакул бери карабайт, көзүн ала качат, демек, бети кара, ниети кара* (Касымбеков). *Бети каралар эми өздөрү качып кетишкен экен* (Токобаев). *Ой, бети кара о-ой, оозу-мурдуң кыйшайбай туруп кантип айттың ушуну* (Байтемиров). **В.: Жүзү кара.** *Жүзү кара! Даана ит турбайсыңбы, нагыз тыңчы экен го...* (Ашымбаев). **Кара бет.** *Кара жолтой, кара бет болдуң, ...эшиктен үйгө кире электе эриңди жалмадың* (Жантөшев). *Мени гана чанат ээ, томаяктын кызы. Кергиле кара бетти* (Сыдыкбеков).

**БЕТИ КАРАРУУ** Катуу уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу. *Ланичек эл алдында бети карарып, бир бозоруп, бир кызарып олтурду* (Ашымбаев).

**БЕТИ КҮЙҮҮ** Бирөөнүн алдында өзүн айыптуудай, күнөөлүүдөй сезип, катуу уялуу, тике карай албоо, өтө ыңгайсыз абалда болуу. *Шарафуддин байбичеси, бала-бакырасы менен сапардан кайтканда бетим күйүп кымырылганымчы* (Бейшеналиев). *Байдын жесири да, Чырым да беттери күйүп, ага саламдашууга батына албай жүрүшкөн* (Каимов).

**БЕТИ КУРУСУН** Өтө жагымсыз, начар ишти, абдан коркунучтуу, же жийиркеничтүү абалды, жамандыкты билдирүүдө бирөөгө наалат айтуу маанисинде колдонулат. – *Бети курусун ...биз го баш-учунда болгонубуз жок, уккандар айтат* (Касымбеков). *Эсим оой түштү. Экөөнүн колун боорума басып турам. О-о, ал күндүн бети курусун. Өпкө-боорум куушурулуп, ичим куйкаланып баратат* (Өмүрбаев). **В.: Жүзү курусун.** *Энеатасы катар өлтүрүлгөн коркунучтуу түн. О-о, ал түндүн жүзү курусун* (Өмүрбаев).

**БЕТИ КЫЗАРУУ** Уялып калуу, уялганынан кызарып кетүү. *Ошондо анын бети кызарып, эч сөз айта албай жер караган* («Ленинчил жаш»). **В.: Бети чыңалуу.** *Дочекалдын бети чыңалып турду. Ага партиялык жактан сөгүш берилген эле* (Ашымбаев).

**БЕТИ ТҮГӨНҮҮ** Катуу уят болуу, маскара болуу, уятка калып айласы кетүү. *Беттин түгөнгөнүн же сезбей коюптурмунбу?* (Сыдыкбеков). **В.: Бети тултуюу.** *Кирерге жер таппай бетим тултуйду* («Чалкан»).

**БЕТИ ЧЫДАБОО** Катуу уят болгондуктан, даай албоо, жолой албоо. *Мен мурун сени менен жолугушканга бетим чыдабай жүрдү* (Абдукаимов).

**БЕТИ ЧЫМЫРАБОО** Эч сезбөө, уялып да койбоо. *Мен кирсем, бутун учкаштырып орундукта чылым чегип отуруптур, деле*

*улуу келдиби, кичүү келдиби деп бети чымырабайт, келтейип да койбойт* («Советтик Кыргызстан»).

**БЕТИ ЧЫМЫРОО** *к.* **бети түгөнүү.** *Ал ошондо гана кыздын эмне максат менен келгендигине түшүнүп, кирерге жер таппай бети чымырады* (Саатов). *Үйдөгү адамдар орундарынан турбай, беттери чымырап үңкүйүштү* (Осмоналиев).

**БЕТИМДИН БЕШ ТЕРИСИ** Абдан уят, жеткен маскарачылык деген сыяктуу жек көрүү маанисинде колдонулат. *И-и, бетимдин беш териси, Кудай ошондой кылгылык кылбасын* (Байтемиров).

**БЕТИН АРЫ КЫЛСЫН** Кандайдыр кырсыктуу оор иш, же начар кылык-жорук жөнүндө сөз болгондо андайды көрбөйлү, мындайга кабылтпасын, андан алыс бололу деген мааниде колдонулат. *Ооба, андайдын бетин ары кылсын* (Жантөшев). *Сенден орун талашайын деген ниетим жок, анын бетин ары кылсын* (Абдукаимов). *Көпкөк чырпык кезиңерде, анын бетин ары кылсын кокуй!* (Өмүрбаев). **В.: Жүзүн ары кылсын.** *А кулагандын жүзүн ары кылсын* (Өмүрбаев). *Асты биз тарткан азаптын четин ушуларга көргөзбөсүн! Анын жүзүн ары кылсын! Бу баш, көз жашка жуунуп, көкүрөк дартка муунду го!* (Өмүрбаев). **В.: Бетин көрсөтпөсүн.** *Акбаевдин көзүнө ошо согуш күндөрүндөгү жаралуу жер көрүндү. Оо, эми анын бетин көрсөтпөсүн!* (Өмүрбаев).

**БЕТИН АЧУУ** 1. Бирөөнүн кылмышын, жаман кылык-жоругун ашкерелөө, элге дайын кылуу. *Тоголок Молдо мыкаачылыктын бетин ачып, кайраттуулукка чакырган ыр, казалдарды жаратууну зарыл милдети катары түшүндү* (Бейшеналиев). *Муну чыныгы жаштар бетиңизди ачып жазып отурат* (Абакиров). – *Ээн баштык! Сен болсо досуңду калкалап калгың бар. Биз бетин ачып койдук* (Айтматов). 2. Бир нерсени айтууга, сүйлөөгө батына албай уялып, тартынып жүргөн кишини аралашып, тартынбай, уялбай сүйлөй тургандай кылып коюу. *Айылчы иничегин сөзгө аралаштырып, бетин ачууга ниеттенди* (Бейшеналиев). *Бир жагы эртеби-кечпи эл алдына чыгар деген ниет менен эрендерин эл аралатып, бетин ачып коюуну ойлоду* (Осмоналиев). – *Оо, Алаке, бу мурду барбайган баланы мага бер, эл аралатып бетин ачайын, канатын жазайын* («Советтик Кыргызстан»).

**БЕТИН КӨРСӨТПӨСҮН** *к.* **бетин ары кылсын.**

**БЕТИН ЧЫМЧУУ** Кимдир бирөөнү уяткаруу, анын кылгандары уят экендигин сездирүү маанисинде колдонулуучу белги.

**БЕТИНДЕ КЫЗЫЛЫ БАР** Уяттуу, ыймандуу, абийири бар, ызаат сактаган. *Бетинде кызылы бар болсо, отуз эки мүдөөнү жер чийдирип эле келер* (Жантөшев). *Бечара, бетинде кызылы бар тура, мындан түңүлүүгө болбойт.*

**БЕТИНДЕ КЫЗЫЛЫ ЖОК** Уяты жок, уялганды, ызаат кылганды билбеген. *Аягынан азып, томугунан тозуп, тентип жүргөн бетинде кызылы жок бир шүркуянын айынан Нөкөн атыңды кирдеттиң го, жарыгым!* (Үмөталиев).

**БЕТИНЕ БАСУУ** Кылмышын, күнөөсүн, начар кылык-жоруктарын эч буйтагыс, кыймылдагыс кылып мойнуна коюу, далилдеп берүү. – *Сарбагыш деген зордукчу зулум атаңдан Абайуп аталганына таңмын,* – *деп Турсун бетине басты. Жалий турган жеринде катып, көзү чакчайды* (Бейшеналиев).

**БЕТИНЕ КАН ЖҮГҮРҮҮ** *к.* **бетине кызыл жүгүрүү.**

**БЕТИНЕ КАРАБОО** Кылчактабай, жан тартпай, тартынбай тике айтуу. *Бир маалда Агыргай эч кимдин бетине карабай бөйрөгүн таяна, уламдан улам алдыга жүткүнө берип: – Каргышың журтта калган как башыңа жетсин! ...Агыргайдан айланып кетсин! – деди да Нөкөн жакка түкүрүнүп-түкүрүнүп алды* (Ш.Үмөталиев).

**БЕТИНЕ КАРМОО** Кандайдыр бир кыжалаттан чыгуу үчүн же көздөгөн максатын иш жүзүнө ашыруу үчүн бир нерсени шылтоолоп же бирөөнүн кадыр-баркына таянып, ошого ишенип иш кылуу, өтүнүү. *Баласын бетине кармап келгенинен куру чыгара алган жокпуз* («Чалкан»). *Үчөөнүн бетине кармаганы бир гана Зейне* («Ала-Тоо»). *Акын бу кырчаңгы таздын Бошкойду бетине кармап тийишкенин да түшүндү* (Бейшеналиев). *Баланын хан атына далдаланып, аны бетине кармап, мени менен эрез талашкысы келип жүргөн кишилер бар эле* (Касымбеков). – *Жантай баатыр, улуу башыңды кичик кылып, жалпы саяктын тоодой кадырмандарын бетиңе кармап келсең мен чанмак белем* (Бейшеналиев).

**БЕТИНЕ КӨӨ ЖАБУУ** Бирөөнүн уяттуу ишин ашкерелөө, уятын чыгаруу, айыбын ачып, эл алдына дайын кылуу, маскаралоо. *Эгер сен намыссыз болбосоң, райондук кызматчылардын алдында менин бетиме көө жаап, душманды калкалап каласыңбы?* (Жантөшев). *Жалган жеринен бетине көө жаап, ал камакка алынды* (Эшмамбетов). *Арыды-карыды, эми сөөлөт күтөр десе, муну карабайсыңбы, бүт Баракбай тукумунун бетине көө жапты* (Айтматов). **В.: Бетине көө жагуу.** *Гүлбүбүнүн бетине көө жагышты* (Сыдыкбеков). *Жанагы элден чык- кан шерменденин көзүн тазалап, катындарыбыздын абийирин сактап калбасак, эми жамы эркекпин бетине көө жагар* (Сыдыкбеков). **Бетине көө сүртүү.** *Кызыңды тыйып ал деп, бетиме көө сүрткөн кишини эмне*

*дейм* (Каимов). **Бетине көө сыйпоо.** *Жакшылык кылган адамынын алдында кимдир бирөө бетине көө сыйпап салгансыйт* (Осмоналиев). **Жүзүнө көө жабуу.** *Аның бул иттигин койбосо, бүт элдин жүзүнө көө жабат ко* («Ала- Тоо»).

**БЕТИНЕ КӨӨ ЖАБЫЛУУ** Эл алдында катуу уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу. *Баарыбыздын бетибизге жабылган көө болбодубу?* (Тойбаев). *Караланган адамдарыбыз акталды, бетибизге көө жабылбай куландан соо калдык деп түшүнсөк, анда жаңылышып калабыз* (Жантөшев). **В.: Бетине көө сыйпалуу.** *Айыпсыз жерден бетине көө сыйпалып, кадырбарктан ажырай жаздап отурган жакшынакай эле адамдарды көрүп отуруп чыдай албадым* («Ленинчил жаш»).

**БЕТИНЕ КӨШӨГӨ ТАРТУУ** Кимдир бирөөнү калкалоо, күнөөсүн, айыбын жаап-жашыруу. *Эгер сен намыссыз болбосоң, душмандын бетине көшөгө тартып, калкалап каласыңбы?* (Жантөшев).

**БЕТИНЕ КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮҮ** Нурдануу, тамылжып өңүнө кирүү, өңдөнүп кызара баштоо (кандайдыр кубаныч менен толкундаган, же өтө начар абалдан өйдөлөп, оңоло баштаган учурларга карата). *Осмондун бетине кызыл жүгүрүп, жылмайып турду* (Саатов). *Чала ачылган түндүктөн кызга күндүн шооласы тийип, кыздын купкуу бетине кызыл жүгүрдү* (Абдукаимов). **В.: Бетине кан жүгүрүү.** *Анын бетине кан жүгүрүп, жандана түштү* (Кыдырмышев).

**БЕТИНЕ САЛУУ** Кемчилигин, күнөөсүн, кылган кылмышын далилдеп, мойнуна коюу, тартынбай көзүнчө айтуу. *Ашырбек Ланичекке бурула берип мыскылдуу жылмайып алды да, далилге таянсам жолдош Ланичек, кепти сизден баштайм, – деп болгон окуяны бетине салды* (Ашымбаев).

**БЕТИНЕ ТАМГА БОЛУУ** Качандыр бир мурда болуп өткөн кылмышы, күнөөсү ашкереленүү, далилденүү, аныкталуу. *Анын эмнесин сурайсың, баягылары бетине тамга болбодубу* («Ала-Тоо»). *Атасын жашырып жүргөнү бетине тамга болуп, Жалий турган жеринде ката көзү чакчайды* (Бейшеналиев). *Жалий Турсунду амал, алдоо жолу менен имерем деп, абийирин ачтырып, жашырган изи бетине тамга болуп акмагы чыкканда акыркы күчүн, тапанчасын колдонду* (Бейшеналиев).

**БЕТИНЕ ЧЫГУУ** Эч тартынбай, таймanбай тике айтуу, бети ачылып, тең тайлашуу, тең ата болуу. *Экинчиден, өз душманы Орозбайдын бетине чыгып, ага карата наалатын эл алдында айтмак* (Өгөбаев). *Андай экен күндө алкылдап, бетиңерге чыгып турса эмне кылмак элеңер?* (Өгөбаев). *Кечээги ата-бабабыздын кол астындагы букараңдын кайсынысы бетине чыга алчу эле* (Укаев).

**БЕТИНЕН КАНЫ КАЧУУ** Кубарып-кумсарып өңү бузула түшүү, купкуу болуп өңалеттен кетүү (ачууланып, каарданып, же бир нерседен катуу корккон абалга карата). *Акматтын бетинен каны качып, жоош чоң көзү чарасынан чыккан* (Осмоналиев). *Ошого карабай манаптын бетинен каны качып, кызуулана балтыр этин эзе кармап, олчойгон бутун солбуй, кеги кетпөөчүдөй көшөрдү* (Бейшеналиев). **В.: Бетинен кансөлү качуу.** *Чакырылгандар жөөлөшүп, ызырынып, беттеринен кан-сөлү качып, чакчаңдаша көздөрү чанагынан чыгып, Касымбектин үстүнө жулунуп киришип, опурулуп чурулдоодо* (Бейшеналиев).

**БЕТИНЕН КАНЫ ТАМГАН** Кыпкызыл болуп нурданган, булкуюп толук көрүнгөн. *Ал бетинен каны тамган, чокчо сакал, чоң чулу киши* (Бердикеев). *Бетинен каны тамган кара тору жигит домбура чертти* (Укаев). *Айылчы ...карыса да бетинен каны тамган, көгала сакал, азуулуу айбандын сырттаны кейиптенген үй ээси карыяга курсунду* (Бейшеналиев).

**БЕТИНЕН КАРА ТҮК ЧЫГУУ** *к.* **бетинен түгү чыгуу.**

**БЕТИНЕН ОТУ ЧЫГУУ** Абдан катуу уялуу, катуу уятка калуу. *Мен аң-таң болуп, киши келатса эле бетимин оту чыгып, жер баса албай уялчу болдум* (Абдукаримов). *Үсөнов арифметикадан «жаман» деп мугалим бааны, угузганда, жыйналышта отурган Үсөндүн бетинен оту чыгып кетти* («Ленинчил жаш»). *Таякеңдин колу жер алдында эмес, туугандарга барса бир кой бөксөлөп келбейт беле, – деп бетинен оту чыга чебеленди* (Ашымбаев).

**БЕТИНЕН ТҮГҮ ТҮШӨ ЭЛЕК** Жаш, өсүп жетиле элек, баралына жете элек. *Бул жолу өңкөй он сегиз, он тогуздагы бетинен түгү түшө элек балдар жөнөп жатты* (Айтматов).

**БЕТИНЕН ТҮГҮ ЧЫГУУ** 1. Ачуусу келүү, сурдануу, жаалы келүү, каардануу. *Дүйшөндү кармап тура албаганыма арданып, байкемдин түгү чыккан бетине дит багып карай албадым* (Жусупов). *Абил бий ар кимисин бир теше тиктеп, бетинен түгү чыгып отурду* (Касымбеков). *Кудаймендинин бетинен түгү чыгып түктүйүп отурду* (Укаев). 2. Корккон, чочулаган, бир нерседен сестенген абалда болуу. *Ээр үстүндө үрпөйүп, бетинен түгү чыккан балага кулүктү мингизди* («Ала-Тоо»). **В.: Бетинен түгү көрүнүү.** *– Эмне, бирок, – деди ал бетинен түгү көрүнүп* (Бердикеев). **Бетинен кара түк чыгуу.** *Чынаркандын бетинен кара түк чыгып, балбылдаган чоң көздөрү ичтемени көрбөй тунарып, ичи күйүп, алапайын таппай баратты* (Абдукаимов).

**БЕТИНЕН ЧААРЫ ЧЫГУУ** Абдан ачуу-

су келүү, жаалдануу, кыжалат болуу. *Баятан бери бетинен чаары чыгып турган Айдаркандын бутун кучактай жыгылды* (Токобаев). *Көзүңдөн от, бетиңден чаарың чыгып турат* (Токобаев). *Күрүчбектин бетинен чаары чыгып түнөрүүдө* (Осмоналиев).

**БЕТИНИН КЫЗЫЛЫ КАЧУУ** Кубарыпкумсарып, купкуу болуп өңү өзгөрүлүү. *Ушул учурда ички үйдүн эшиги акырын ачылып, бетинин кызылы качкан Бермет көрүндү* (Абдукаимов).

**БЕТИНИН ЧҮКӨСҮ ЧЫГУУ** Жаагы шимилип, абдан арыктаган, шапайган көрүнүштө болуу. *Жаагы шимилип, бетинин чүкөсү чыгып, өңү шапайды* (Өмүрбаев). *– Чөпчар жеп жүрүп, бетиңдин чүкөсү чыгып, чегирткедей кылжыйып бүтүпсүң, – деди ал мени адатынча каруумду бекем кармап* (Жусупов). **В.: Бетинин сөөгү чыгуу.** *Бает акем баягыдай эмес, жаагы шимилип, бетинин сөөгү чыгып турат* (Өмүрбаев).

**БЕТИҢ БАРБЫ** Уялсаң боло, бул кылганың туура эмес, туура эмес иш кылгансың, уяласыңбы деген сыяктуу жемелөө маанисинде колдонулат. *Бетиң барбы? Кантип калп айттың.*

**БЕТИҢ КҮЙГҮР** Күнөө кылган кишиге карата уятсыз, абийри жок деп жек көрүү, наалат айтуу, тилдөө маанисинде колдонулат. *Эми өлбөгөндө эмнең калды? Бетиң күйгүр! деди Мөлтөй Нөкөндү табалай берип* (Ш.Үмөталиев). **В.: Бетиң тилингир.** *Нөкөн ...көйнөк, дамбалчан калыбында кара кунастай тарбалаңдап, Агыргайды качырды: – Тилиңе тибиртке, бетиң тилингир! Тилиңе тибиртке!* (Ш. Үмөталиев).

**БЕТКАТ** *к.* **бет кат.** *Тамынын бурчунда соксоюп Базыл отуруптур. Жүрөгүм шуу дей түштү. Баягы чатактан бери беткатмын, сүткө тийген күчүктөй жалтайлап, бет келүүдөн дайыма качам* (Касымбеков).

**БЕТКЕ АЙТУУ** Тартынбай болгон чындыкты өз көзүнчө айтуу. *Бетке айткандын заары жок. Бирөөнү жамандаган болбойт, кыйын болсоң, бетке айт* (Байтемиров).

**БЕТКЕ КАРМАГАН** Түзүгүрөөк, жакшыраак деп эсептеген, ишенген. *Бул айылдын бетке кармаган кыз-келиндеринен бөтөнчө кийингенин ушак кылышты* (Укаев). *Даадайдын бетке кармаган эки илеси бар эле* (Эралиев).

**БЕТКЕ ЧАБАР** Бирөөнүн көңүлүнө, көзүнө карабай, болгонун болгондой тике айтып салма, эч тартынбай, оройлонуп, кемчилигин түз айтма. *Мен сенин бетке чабар мүнөзүңөн корком* (Абдукаримов). *Чабарман Уркуяны көрүп жүрчү, бирок мындай бетке чабар экенин билчү эмес* (Байтемиров). *Уяң келинге жээнинин кыялы кызыктай өңдөнүп, бетке чабар, жада калса кыймылынан өйдө осол көрүндү* (Ашымбаев). *Минтип орой да болсо чындыкты айткан, бетке чабар... Жаркынбай гана айта алат* (Бейшеналиев). *– Өмүрзак көзүнүн чаарын чыгара бетке чабар мүнөзүнө жеңдирип ...дүңгүл сакалын түйдөктөнтө бакылдады* (Бейшеналиев).

**БЕТКЕ ЧАБУУ** Өтө катуу айтуу, тике айтуу. *А мен болсом, орой, бетке чаап тийишип сүйлөйт экем* (Байтемиров). *Өтө бетке чаппай кичине сүйөй салдырдым* (Бейшеналиев). *Бетке чаап сүйлөп, бирок сөз жебеген – кер ооз, бакан ооз адамдарга эми кадимкидей эле күрөш ачпасак болбой калды көрүнөт* («Кыргызстан маданияты»).

**БЕТКЕ ЧИРКӨӨ** Катташууга, мамилелешүүгө жолтоо болгон себеп. *Элеман бирдеме айтайын десе Теңирберген менен Акбаланын ортосу бетине чиркөө болуп, тили күрмөлүп турат* (Укаев). *Ошол кат бетибизге чиркөө болду деп жиберди* (Ашымбаев). *Андай кылсаң эл наалат айтат, бетиңе чиркөө болот* (Бердикеев).

**БЕТКЕЙ: бир беткей** Бир бет, бир тарапты көздөй, бир жактуу. *Бир беткей ыгырылган ак буудай шуудур кагып жапырылат* (Сыдыкбеков).

**БЕТКЕП** *к.* **театр беткеби.**

**БЕТМЕ-БЕТ** Бет алышкан абал, беттешкен абал, көзмө-көз. *Чакыргыла кемпирди Бетме-бет туруп көрөлү!* (Жантөшев).

**БЕТОН** Цемент, кум, шагыл, таш ж.б. аралашмасынан катырылган курулуш материалы. *ГЭС курулушунун негизги материалы – бетон.*

**БЕТОНДО** Бетон менен бекитүү, бетон төшөө, куюу. *Бетондоп бекитүү.*

**БЕТОНДОО бетондо** этишинин кыймыл атоочу. *Бетондоо жумушу тешилген тоонун ооз жагынан башталган* («Жаш ленинчи»).

**БЕТОНДОТ бетондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЕТОНЧУ бетонщик** менен бирдей. *Бетончулар тобунда иштөөчү бир жаш аял Сабираны ээрчитип барды* (Сасыкбаев).

**БЕТОНЩИК** Бетон жасоочу, бетондоо ишинде иштөөчү. *Султанаалы а дегенде бетонщик, андан кийин каменщик болуп иштеди* («Советтик Кыргызстан»).

**БЕТПАК** Уяты жок, уятсыз, жүзү кара. *Жогол, мындай бетпак соодагер колхоздон айлансын!* (Бөкөнбаев).

**БЕТПАКТЫК** Уятсыздык, жүзү каралык. *Бул жүзү каранын бетпактык иши бетиме көө жапты, – деди Серкебай туугандарына* (Сыдыкбеков).

**БЕТСИЗ** Уяты жок, уят-сыйытты билбеген. *Бетсиз адам.*

**БЕТТЕ** 1. Бир бет менен экинчи бир бетти төп кылып кабаттоо, бетин бетине келтирүү. *Шырдактын бетин беттеп кой. Чачылган*

*барактарды иреттеп жыйнап, беттеп койду.* 2. Тоонун, кырдын ж.б. бир жак тарабын каптоо, каптал же бет менен жүрүү. *Каймактай семиз кой-козу, Капталды беттеп жайылган* (Мидин). 3. Бир жакты көздөй багыт алуу, бетме-бет чыгуу. *Кетмен-Төбө жеримди Беттеп кетип барамын* (Токтогул).

**БЕТТЕЛ бетте** этишинин туюк мамилеси. *Беттелип жабыштырылган барактар.*

**БЕТТЕН АЛУУ** Кепке-сөзгө келбей эле оройлонуп бир тийүү, алкынып-албууттана сүйлөө, эч негизи жок эле кайра өзүнө асыла сүйлөө. *Орой болсоң таркылдап, Наадандыктын белгиси, Аялың алса бетиңден, Адамдын келет өлгүсү* (Токтогул). *Жетесизге кеп айтсаң, беттен алып аркырайт* (макал). *Эмне деп отурасың деп, Шуудур Акмат капканга түшкөн ачкүсөндөй шаңк этип, Мөңкөнү беттен алды* (Укаев).

**БЕТТЕТ бетте** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЕТТЕШ** 1. **бетте** этишинин кош мамилеси. 2. Бетме-бет чыгуу, бетме-бет келип кармашуу, салгылашуу. *Бакбур менен беттешип, Сайышкан адам оңбоптур* («Курманбек»). 3. Бетме-бет абалда болуу, бетме-бет абалда жолугушуу, кездешүү. *Ушул суудан кечпесем, Карап турган кыздарга, Уялбай кантип беттешем* («Семетей»). *Шыңгыратып бокалды, Нечен ирет беттешчик* (Токомбаев). ‖ Спорттук оюндарда, мелдештерде жеңишке жетишүү, күч сынашуу максатында бири-бири менен таймашуу. *Биз бүгүн волейбол боюнча № 6 мектептин окуучулары менен беттешебиз* («Жаш ленинчи»). ‖ Суракта же бир иштин чындыгына жетүү максатында бири-бири менен бетме-бет, көзмө-көз туруп айтып берүү. *Суракта беттешип, мойнуна коюу.*

**БЕТТЕШТИР беттеш** этишинин аркылуу мамилеси. *Мени болуш менен беттештириңиз,– деди Батийна Кыдырбайга* (Сыдыкбеков).

**БЕТТЕШҮҮ беттеш** этишинин кыймыл атоочу. *Волейбол боюнча жолдоштук беттешүү.*

**БЕТТИН ОТУ** Беттин ортосундагы кызыл тартып нурданып турган жери, беттин ортосу. *[Настендин] эки бетинин оту тамылжып албырууда болду* (Убукеев).

**БЕТТҮҮ** Өңүн, бет түзүлүшүн салыштыра көрсөтүүдө башка сөз менен айкалышта колдонулат. *Дулдугуй беттүү киши. Жайык беттүү жигит.*

**БЕФСТРОГАНОВ** Майда тууралган же жанчылган жумшак эт менен туздуу кылып дайындалган тамак.

**БЕЧААРА** *туурасы:* **бечара.**

**БЕЧАРА** 1. Мусапырчылык, карыпчылык башына түшүп турган, аянычтуу абалда калган адам, байкуш, шордуу. *Энеке, үстүмдө үйүм, астымда казаным жок, анык бечарамын* («Жомоктор»). *Биз бир муңдуу бечара Шумкарын колдон качырган* (Жантөшев). *Бечара, карып, кедейге, Ушул заман туулду* (Токтогул). 2. Боор ооругандыкты, аягандыкты билдирүү иретинде колдонулат. *Чоң энем бечара абдан картаң болучу* (Байтемиров). *Бечара Даша ботодой боздоп калган экен да* (Сасыкбаев). *Уй бечара тамак тандабайт* (Убукеев).

**БЕЧАРАЛЫК** Бечара абал, жардамсыздык, карыптык. *Өз колунда жок болсо, Бечаралык ушундай* (Токтогул).

**БЕЧЕЛ** 1. Маалына жетип, баспаган бала. *Беш жашка чейин баспаган, Бечел калган баласың* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Чабал, начар. *Семиз, корто тетигил Бечел окшойт акылга* (Токомбаев). *О, карылык бечел болдум, сөөгүм бар, өзүм жок* (Байтемиров).

**БЕЧЕЛДИК** Чабалдык, начарлык. *О ботом, алдыңдагы боз атың Бейбелчеги бир тутам, Бечелдик сыны бар экен* («Манас»).

**БЕЧЕНДИ** Чөп. *Беченди деген чөбү бар, Беш сугарган аштыктай* («Манас»).

**БЕЧЕРА** *туурасы:* **бечара.**

**БЕШ** 5 саны, эсеби. *Жети жылы жүргөм кантип, Беш күн калса ашыгам* (Нуркамал). ‖ Баа коюу системасындагы эң жогорку балл. *Беш алсаңар сабактан Кубанышат атаңар* (Токомбаев).

**БЕШ АТАР** Мылтыктын бир түрү. *Беш атардын доошу, Белестен чыкты тарс этип* (Барпы).

**БЕШ БАРМАГЫНДАЙ БИЛҮҮ** *к.* **беш колдой билүү.**

**БЕШ БАРМАК** Бышкан этти майда туурап, чык куюп, кесме кошуп даярдалуучу тамак. *Салык бармактайынан мал менен өсүп, беш бармак менен кымызга аябай көнгөн адам* (Каимов).

**БЕШ БЕТЕР** Дагы, абдан, андан да, ого бетер деген сыяктуу күчөтүү маанисинде колдонулат. *Кыздардын күлкүсү баягыдан беш бетер жаңырык салды* (Бейшеналиев).

**БЕШ ЖЫЛДЫК** Совет мезгили убагында эл чарбасын өнүктүрүүнүн ар беш жылга эсептелген планы. *Беш жылдыкты төрт жылда Толтуралы планын* (Осмонкул).

**БЕШ КАДАМ** Эпкиндүү, ар бир иште алдыдагы адам.

**БЕШ КЕШТЕ** Өрмөчүлүктө буюмга көркөм түр түшүрүүнүн бир ыкмасы. *Беш кеште жайдың жүгүнө, Береке кирди үйүнө* (Жеңижок).

**БЕШ КОЛ ТЕҢ ЭМЕС** Бардыгы эле бирдей боло бербейт, баары тең эмес, арасынан ар түрдүүлөрү чыгат деген мааниде колдонулат. *Бирок беш кол тең эмес экендигин сен өзүң мыкты билесиң го, – деди Сагын Ыбырайга* («Ала-Тоо»). *Беш кол тең эмес, сарым. Жаман болбосо, жакшыны кайдан*

*билет элек, – деди чоң ата* (Жусупов). **В.: Беш кол бирдей эмес.** *Беш кол бирдей эмес, арада ар нерселер боло берет, – деди Супатай* (Бөлөкбаев).

**БЕШ КОЛУН САЛУУ** Коомдук мүлккө, башка бирөөгө тиешелүү нерсеге ж.б. ач көздүк менен, сугалактык менен мамиле кылуу, өз кызыкчылыгына пайдалануу. *Коомдук мүлккө беш колун салып жиберген бүлдүргүчтөрдүн бети ачылды* («Чалкан»). **В.: Беш бармагын салуу.** *Эл байлыгына беш бармагымды бирдей салдым, натыйжада кызматтан айдалдым* («Ала-Тоо»).

**БЕШ КОЛУНДАЙ БИЛҮҮ** Абдан жакшы билүү, бардыгын толук билүү, жат билүү. *Областын чарбаларын беш колундай билген киши* (Эралиев). *Силердин сырыңарды беш колумдай билем го, койсоңор боло! – деди Бейшебаев* («Ала-Тоо»). *Буерде жашагандарды салаалап санаса болот, бири-бирибизди беш колдой билебиз* (Айтматов). *Ал колхоздогу киреше, чыгашанын бардыгын беш колундай билет* («Ала-Тоо»). **В.: Беш бармагындай билүү.** *Мен аларды беш бармагымдай билем.* **Беш манжадай билүү.** *Мен эми буларды беш манжамдай билип калдым* («Ала-Тоо»).

**БЕШ КӨКҮЛ** Эс тартып, бойго жетип калган, турмушка чыга элек кыз. *Мадыра баш балдар, беш көкүл кыздар чымын-куюн болуп жетип келишти* (М. Абакиров). *Анда менин беш көкүл кезим* («Ала-Тоо»). *Беш көкүлдүү кызды алды* («Манас» С. К.).

**БЕШ МАНЧА ТЕҢ ЭМЕС** *к.* **беш кол тең эмес.**

**БЕШ МАНЧАДАЙ БИЛҮҮ** *к.* **беш колдой билүү.**

**БЕШ ӨРДӨГҮН УЧУРУУ** Калп айтуу, жалган айтуу, капкайдагы калпты айтуу. *– Жок, апатай... Алар беш өрдөгүн учуруп жатышат* (Жусупов). *Беш өрдөгүн учуруп жатабы дегендей болуп, бардыгыбыз дымып калдык* («Кыргызстан маданияты»). *Анда ал беш өрдөгүн учуруп калп айтып, аброюн көрсөтөйүн деген тура* (М. Абакиров).

**БЕШ ТАШ** Топ таш, жаш балдардын көбүнчө кыздардын чакмакка окшогон оюну.

**БЕШ ТОГООЛ** Айдын беш жаңысында үркөр менен маңдайлаша келүүсү (март айына туура келет). *Беш тогоол өтпөй бел чечпейт* (макал).

**БЕШ ТҮЛҮК МАЛ** Кыргыздардын чарбасындагы негизги деп эсептелген малдардын беш түрү: жылкы, кой, уй, төө, эчки. Көпчүлүк учурда сөз «төрт түлүк» түрүндө айтылат да, жылкы, кой, уй, төө түшүнүлөт. Эгер беш түлүк делсе жогорку төртөөнө эчки кошулуп айтылат. *Беш түлүктөн мал жайдым* («Манас» С.О.).

**БЕШ ТЫЙЫНГА ТУРБАГАН** Эч нерсеге жарабаган, кепке арзыбаган, оозго алынбаган, анча мааниси жок, болор-болбос бир нерсе. *Жакында тоюм болоору, менин сүйлөшкөнүм алар үчүн беш тыйынга турбаган иш экен да* (Тойбаев). **В.: Тыйынга турбаган.** *Мурдагы бардык талаш-тартыш, оош-кыйыш пикирлер тыйынга турбаган майда нерселерге айланат* («Кыргызстан маданияты»). **Бир тыйынга турбаган.** *Үйдөгүлөр бир тыйынга турбаган кайдагы бир нерселерди айтып, башымды оорутту* («Ленинчил жаш»).

**БЕШЕНЕ** 1. Маңдай, чеке. *Берген экен жалгыздын Бешенеде багына* («Эл адабияты»). *Кайран мерген Кожожаш Бешенеге сыйбады* («Эл адабияты»). *Иште, мал бак, бешенеңден аксын тер* (Үмөталиев). 2. *өт.* Жазмыш, тагдыр. *Бешенеден көрөм деп, Бел байлады өлүмгө* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БЕШЕНЕГЕ ЖАЗУУ** Тагдыр буйруу. – *Болушка салам айт: адал кесип мага насип эмес экен. Бешенеме жазбаптыр. Тору аттан күдөр үзсүн* (Укаев).

**БЕШЕНЕСИ ЖАРЫК** Жылдыздуу, жаркылдаган, жайдары, ачык мүнөз. *Деги өзү бешенеси жарык, жолу ачык, иши шыдыр жигит өңдүү эле* (Кыдырмышев). *Бешенеси жарык, көгала сакал Карала жүйөөчүл окшойт* (Бейшеналиев).

**БЕШЕНЕСИНЕ КҮН КОНУУ** Маңдайы жарылуу, кубануу, телегейи тегиз, болуптолуп туруу. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт энеси* (Айтматов).

**БЕШИ КЕТҮҮ** Үрөйү учуу, бир нерседен чочулагандай, коркcондой сестейүү, айласы куруу. *Минте берсең Семетей, Беши кеткен бул элди, Бейпайга дагы саласың* («Семетей»). *Тополоңу тоз түшүп, беши кетип кыжаалаттыкка кысылган шордууларга көп жашаган карыялардын сөзү эм болчудай болду* (Бейшеналиев).

**БЕШИГИН ТЕРМЕТҮҮ** Көбүнчө кичүү кишилердин өзүнөн улууларга туура эмес мамиле жасагандыгына карата (атынан чакырганда) жактырбоо маанисинде колдонулат. *Сен эмне, мени атымдан чакыргандай бешигимди терметтиң беле, кичине ийменсең боло?* («Кыргызстан маданияты»). *Бешигин терметкенсип «сен» деп сүйлөйт* (Эралиев).

**БЕШИК** 1. Жаш баланы бөлөп, терметүүгө ылайыкталып, жыгачтан жасалган буюм. *Гүлайым Алымкулга бешикте жаткан Сагындыкты көрсөттү* (Абдукаримов). 2. *өт.* Туулуп-өскөн, чоңойгон жер. *О, тууган эл, улуу мекен – бешигим, Кенен ачтың келечектин эшигин* (Токомбаев).

**БЕШИК БООҢ БЕК БОЛСУН** Жаңы төрөлгөн баланын ата-энесин куттуктоо, балага жакшы тилегин айтуу маанисинде колдонулат. *Бир Карел эмес, биз дагы балалуу болдук. Баарыңардын «бешик бооңор*

*бек болсун»!* (Ашымбаев). *Калыйпа балам, бешик бооңор бек бослун, уулуңардын убай, урматын көргүлө* (Бердикеев).

**БЕШИК КУДА БОЛУУ** Балдары кичинекей, бешиктеги кезинде кудалашып, куда болууга убадалашып коюу. *Мурун кудалашуунун кеңири таркатылган формасы бел куда, бешик куда деген болгон.*

**БЕШИК ТОЙ** Баланын төрөлгөнүн белгилеп берилген той, жентек. *Эртеси Шопок бир кой союп Дүйшөнкулдун бешик тоюн берди* (Бөкөнбаев).

**БЕШИК ЫРЛАРЫ** Ымыркай баланы уктатып, сооротуш үчүн ырдалган ыр. // Дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде кездешчү, анын ичинде кыргыз оозеки поэзиясындагы лирикалык жанр.

**БЕШИКТЕН БЕЛИ ЧЫГА ЭЛЕК** Чоңоё элек, өсүп жетиле элек, эр-азамат боло элек, али жаш, кичинекей. *Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинде үйрөтсө союл тоотпос өрт өсөт* (Сыдыкбеков). *Апаң айткандай бешиктен белиң чыкпай туруп, шумдук сөздөрдү сүйлөп калыпсың* (Абдукаимов). *Бешиктен белиң чыга электе апаң көз жумду, сенин көрбөгөнүң калдыбы* (Осмоналиев).

**БЕШИЛИК** Беш ачалуу. *Колуна кармаганы бешилик айры* (Сыдыкбеков). ‖ Айры. *Керез бешилик менен чөптү кабаттай сайып, тез-тез ыргытат* (Бейшеналиев).

**БЕШИЛТИК** Беш деген санга кирүүчү.

**БЕШИМ** 1. Түш оогондон кийинки мезгил. *Ошентип күн чак түштөн бешимге ооду* («Манас»). *Кечээ күнү кечинде Кечке маал бешимде* («Эр Табылды»). *Күн кеч бешим, тоо ичин ала көлөкө баскан* (Жантөшев). 2. Ушул мезгилде окула турган намаз. *Бешим окулуп бүттү.*

**БЕШИМ БОЛУУ** Жаштыгы өтүп, карылыкка моюн сунуу. *Өмүрүм бешим болду – деп, Саргарар менин багыма, Булбул келип конду – деп.*

**БЕШИМДИН КӨЛӨКӨСҮНДӨЙ** Упузун болуп чубалган, сүйрөлгөн деген мааниде. *Алар тигил кер мурут, бешимдин көлөкөсүндөй болуп коркойгон жигиттин арам оюн кайдан түйсүн* (Медетов).

**БЕШИНЧИ** Бештин иреттик саны. *Динаржан, сен ал күздө бешинчи класска гана көчөсүң* (Сыдыкбеков).

**БЕШМАНТ** Тизеге чейин жеткен, ичине пахта же жүн салынбаган жеңил чапан, күрмө. *Анархан бешмантын желбегей жамынып сыртка чыкты* (Жантөшев). *Чапанын чечип жиберип, бешмантынын эки жеңин шымаланып киришти* (Сасыкбаев).

**БЕШӨӨ** Бештин жамдама саны, эсеби. *Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп* (макал). *Конокбай менен бешөөбүз, Мени менен алтообуз* («Эр Төштүк»).

**БЕШӨӨЛӨӨ** Бешөө тең катышуу, кандайдыр бир ишке бешөө теӊ киришүү. *Казан суудан көрүнсө, Төрт Маамыт менен бешөөлөп Тезинен тартып ала көр* («Эр Төштүк»).

**БЕШТЕН БЕЛГИЛҮҮ** Түшүнүктүү, ачык, так, дайын. *Өзү даярдатып, өзү жетектеген Тынай элинин акими Дүр мырза экени бештен белгилүү* (Бейшеналиев). *Көп жол жүргөн Ашырбай менен келинчеги кыргыз салтынын ушундай берекесине таң калган жок, эзелтен келе жаткан бештен белгилүү жумуш экенин билишчү* (Үмөталиев).

**БЕШТИН АЙЫ** Декабрь айынын кыргызча аталышы.

**БИАТЛОН** Лыжа менен узак аралыкка жарышуу жана мылтык атууга кирген спорттун түрү.

**БИ-БИ-СИ** Британиянын радио уктуруу корпорациясынын кыскартылган аты.

**БИБКОЛЛЕКТОР** Китепканалык коллектор – китепканалык техника жана китепканаларды китеп менен камсыз кылуучу китеп сатуу мекемеси.

**БИБЛИОГРАФ** Библиография боюнча адис. *Керез библиограф болуп иштейт.*

**БИБЛИОГРАФИЯ** 1. Басма материалдарын: китеп, гезит, журнал ж.б. тизмесин, көрсөткүчүн, обзорун түзүү ыкмалары жана методдору боюнча билим тармагы. 2. Кандайдыр бир тармак, автор жөнүндөгү зарыл маалыматтарды камтыган көрсөткүч, тизме.

**БИБЛИОГРАФИЯЛЫК** **библиография** дегенге таандык. *Библиографиялык маалыматтар.*

**БИБЛИОТЕКА** 1. Китеп, журнал ж.б. бир жерге топтоп, сактап, аларды көпчүлүк окуучуларга кеңири пропагандалоо менен бирге, окуганы берип туруучу мекеме, китепкана. *Шаардык библиотека.* 2. Китептерди сактап туруучу жай. 3. Адистиги боюнча же китеп окуучулардын белгилүү бир тобуна ылайыкталып, айрым серия-серия болуп чыгуучу китептердин жалпысынан аталышы. *Мектеп окуучуларынын библиотекасы. Мугалимдердин библиотекасы. Чабандын библиотекасы.*

**БИБЛИОТЕКАРЬ** Библиотекада иштөөчү, библиотеканын кызматкери, китепканачы.

**БИБЛИОТЕКАЧЫ** **билиотекарь** менен бирдей.

**БИБЛИЯ** Еврейлердин жана христиандардын мифтери жана диний көз караштары баяндалган диний китеп.

**БИГИЗ** 1. Шибеге. 2. Чуштугуй.

**БИГУДИ** Чач тармалдатуу үчүн колдонулуучу атайын жасалган түтүкчө.

**БИДИЯ** 1. Өтө кары адам же боюнда бар аял кармабаган орозосу үчүн берчү садага. 2. Өлгөн адамдын кармалбай калган орозосу жана окулбай калган намазы үчүн берилчү садага.

**БИДОН** Суюк нерселерди куюп, сактап турууга арналган цилиндр формасындагы капкактуу идиш. *Бидондо сүт бар.*

**БИЕР** Бу жер, бул жер. *Карыптын биердеги иштеп жаткан шериктери эбак эле кетишкен* (Абдукаримов). *Бутакта конуп сайраган, Булбул элем биерде* (Токтогул).

**БИЖИМ** *диал.* Чүкө.

**БИЖУТЕРИЯ** Зергердик буюмдарга окшоштуруп арзан материалдардан жасалган аялдардын жасалгалары.

**БИЗ** 1. Сүйлөп жаткан адам өзү менен бирге бир нече адамды кошуп көрсөткөндө же өз тарабын билдирүү иретинде колдонулат. *Биз кичине чакта карыялар ушинтип көп сурашчу* (Жакыпбеков). 2. Автордук речте «мен» дегендин ордуна колдонулат. *Биздин оюбузча. Биз жогоруда көрсөткөндөй.*

**БИЗДЕЙ** Бизге окшоп. *Биздей болуп силер да кеч калбагыла.*

**БИЗНЕС** *экон.* Пайда табууга арналган аракеттин, экономикалык кызматтын түрү. Жеке ишкердин фирманын кызматтык иши.

**БИЗНЕС-ПЛАН** *экон.* Белгилүү мезгил ичиндеги ишканалардын өнүгүү планы, алдыга коюлган максатка жетүүнү көздөгөн иш чаралар системасы.

**БИЗНЕСМЕН** Пайда табуу аракетинде ишкердик,соода-сатык иштерин ийгиликтүү жүргүзгөн адам.

**БИЗОН** Мүйүздүү, ача туяктуу, жумшак жүндүү, жапайы түндүк америкалык зор бука. *Бизондор Америкада байыркы убактардан бери эле жашап келаткан жаныбар (Эркин Тоо).*

**БИЙ I** 1. Мансаптык наам – уруунун, аймактын, өзүнчө чоң топтун башкаруучусу, жетекчиси. 2. Эл арасында калыстыгы менен белгилүү болгон кадырлуу адам. 3. Атайын шайланып, топто доо, чыр-чатактарды чечүүдө калыстык кылуучу – бүтүм чыгаруучу адам. *Алтымыш миң үй экен, Алтын киши бий экен* («Манас» С.О.). *Бул дөбөлөргө эр кунуна өкүм кылып чыбыгын кыркып бийлер олтуруп кетти* (Сыдыкбеков). *Кандайсыңар кадимки бий болгондор, Пара жеп, арыз укпай тим болгондор* (Тоголок Молдо). 4. Уюшма тамакты, жорону, шернени, башкарып туруу үчүн катышуучулары тарабынан шайланып алынган адам.

**БИЙ II** Музыканын ыргагына ылайык дене кыймылы аркылуу көркөм образдарды бере алган искусствонун бир түрү, элестүү, ыргактуу дене кыймылы. *Оюн коюп, кече жасап, урматтап, Бий бийлеген жыйынына барбадым* (Осмонов). *Ушуга арнап бий, хор да даярдасак* (Сыдыкбеков).

**БИЙИК** 1. Башкаларга караганда бийиктиги жагынан айырмалуу, жогору, улуу, асмандаган. *Бийик аска. Чокусун кар баскан бийик тоолор.* ‖ *Таңга маал көлдүн бети күмүштөй ак кардуу бийик тоолорго жарашып жатты* (Сасыкбаев). ‖ Жапалдаш эмес, узун, бойлуу. *Бирөө бийик, бирөө пас, Бир болбойт жандын баарысы* (Осмонкул). 2. Жогорку, ардактуу. *Комсомол деген бийик сыймыктуу сөз Кычандын жүрөгүн туйлатып жиберди* (Бейшеналиев). ‖ Даңктуу, улуу, зор. *Арбагы бийик көк жалың, Алты миң эрдин сүрү бар* («Манас»). *Айтматов – бийик чоку!* (Б.Асаналиев). 3. Жогору, өйдө. *Татыбек таягын бийик көтөрүп, селкилдетип, үнүнүн бардыгынча бакырат* (Байтемиров). 4. *зат. м.* Бийиктик. *Бийиги болбой тоо болбойт* (Тоголок Молдо). *Бейжай Какылдак куду бийиктен жүргөн кыяндан бетер көбүрүп-жабырууда* (Сыдыкбеков). 5. Көтөрүңкү, катуу, жогору. *Чоор үнү дагы шаңдуу, дагы бийик көтөрүлдү* (Жантөшев). *Көтөрүп бийик үн салдык* (Нуркамал). *Эрке кыз канчалык ичи бышып турса да үнүн бийик чыгарган жок* (Байтемиров). *Аманкул үнүн бийик көтөрүп ырдады* (Абдукаримов).

**БИЙИКТЕ** 1. Бийик жерге, бийикке чыгуу. *Тоого улам бийиктеп чыгып отурдук.* 2. Үн көтөрүңкү чыгуу, катуулоо. *Үнү уламдан-улам бийиктеп отурду.* 3. Жогорулоо, көтөрүлүү. *Тынчтык, достук мунарасы бийиктеп, Зор таалайга баратабыз жазганбай* (Токомбаев).

**БИЙИКТЕТ бийикте** этишинин аркылуу мамилеси. *Колундагы кызыл тууну улам бийиктетип кармады.*

**БИЙИКТИК** 1. Бийик жер, бийик жай. *Беш жүз метр бийиктиктен Коркпой лыжа тебишти* (Осмонкул). 2. Бийик абал. *Ал Көкдөөнүн мунара Бийиктигин сураба* («Эр Төштүк»).

**БИЙИКТӨӨ бийикте** этишинин кыймыл атоочу. *Тоого чыккандар улам бийиктөөдө.*

**БИЙКЕ бийкеч** менен бирдей.

**БИЙКЕЧ** Бойго жетип калган кыз. *Андагы бала чагы жок, Керилген бийкеч болуптур* (Тоголок Молдо). *Он жетиде бойго жеткен бийкечке Тебетейлүү кандай неме жабышпайт* (Үмөталиев).

**БИЙЛЕ I** 1. Бийлик жүргүзүү, башкарып, үстөмдүк кылуу. *Илгери айылда атка минген шылуундар бийлеп келишкен* (Сыдыкбеков). *Болушум, элди бийлейсиң, Эл оокатын билбейсиң, Адилдикти ырдасам, Жактырбастан тилдейсиң* (Токтогул). // Басымдуулук кылуу, ээлөө. *Жайкы саратандын чырылдаган үнү гана түндү бийлеп турат* (Абдукаримов). *Жер алай-дүлөй түшүп, кардуу бороон дүйнөнү бийлеп турган* (Элебаев). 2. Таасирин тийгизип, өзүнө баш ийдирүү, туткунуна алуу. *Менин жүрөгүмдү болочоктун дагы бактылуу элестери бийлеп алчудай* (Жантөшев). *Арзыматка бир*

*кат жазуу менин бут турпатымды бийледи* (Жантөшев).

**БИЙЛЕ II** Бийди аткаруу, бийге катышуу. *Кыягын бурчка таштап бийлеп кирди* (Үмөталиев). ‖ Өтө элпек, жеңил кыймылда болуу, тыбырчылап туруу. *Жер баспай бийлейт токтосо, Жейрендей тыңшайт оттосо* (Токомбаев). ‖ *өт.* Бөйпөлөндөө. *Көрүнүп турат, мындан кийин сенин алдыңда тим эле бийлейт* (Байтемиров).

**БИЙЛЕТ I бийле I** этишинин аркылуу мамилеси. *Башым эркин бийлетпеймин эч кимди* (Токомбаев).

**БИЙЛЕТ II бийле II** этишинин аркылуу мамилеси. *Бийлетмек үчүн сиз мага кезек бердиңизби* (Сыдыкбеков).

**БИЙЛИК** 1. Мамлекетти башкаруу укугу, саясий үстөмдүк. *Совет бийлиги кыргыз эмгекчилерине эркиндик берди* (Сыдыкбеков). 2. Бийлеп турган башкаруучунун өкүмү, чечими. *Бул дөбөлөрдө журтка бийлик айтып, күп-күп этип, лөк да отурду* (Сыдыкбеков). *Бийлиги деп Шабдандын, Түтүнгө тегиз бир койдон* (Тоголок Молдо). 3. Башкарып-тескөөчүлүк, кожоюндук кылуу же моюн сундуруу укугу. *Аталаш агабыз Чынарга бийлик кылып, Чоткара деген байга башын байлады* (Сыдыкбеков) *Карындашым берем деп, Кыз бийлиги менден деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БИЙЛИКСИЗ** Уруксатсыз, бийлиги жок. *Менден бийликсиз эч ким эч нерсе жасай албайт.*

**БИЙЛӨӨ I бийле II** этишинин кыймыл атоочу. *Жаштарды дагы көңүлдүү ырларды ырдоого жана бийлөөгө сунуш кылдым* (Жантөшев).

**БИЙЛӨӨ II бийле I** этишинин кыймыл атоочу. *Адамды акылдан да бийлөө керек* (Осмонов).

**БИЙЛӨӨЧҮ** Бийлик жүргүзүүчү, кожоюндук кылуучу. *Бийлөөчү тап.*

**БИЙТИНА** Аялдардын күрмөсүнүн ички этеги.

**БИЙЧИ** Бийди мыкты бийлеген адам. *Кыздар менен жигиттердин арасында бийчилер толуп жатат* (Сасыкбаев). ‖ Балет артисти, балерина.

**БИКИР I** *туурасы:* **пикир.**

**БИКИР II** Битир, зыкым. *Бикир адам.*

**БИКФОРД ШНУРУ** Бир нерсени жарууга ылайыкталган затка от жеткирүүчү ичке жип.

**БИЛ I** *туурасы:* **пил.**

**БИЛ II** 1. Кабардар болуу. *Марусянын жөнүн Зарылдан билди* (Сыдыкбеков). *Мага кара санагың келсе, анда ажалыңдын жеткени. Муну билип кой* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир нерсе, иш, окуя ж.б. жөнүндө акыл-сезиминде баамдоо, ажырата алуу. *Чындыкты таанып билем, сүйө билем* (Осмонов). *Оку, иште, өнөр үйрөн көптү бил!* (Нуркамал). 3. Андоо, түшүнүү. *Олжобай билди ошондо Акмаматтын сөзүнөн* («Олжобай менен Кишимжан»). *Аркамда солдат балдырап Жайымды айтсам, тил билбейт* (Токтогул). 4. Таануу. *Көрүп, билип калсаңыз Көздүн кырын салсаңыз* («Кедейкан»). ‖ Туюу, сезүү. *Мойнок, Кандек деген эки ит Жытын билип келген жоонун, Үрүп чыгышты тосуп жолун* (Борбугулов). 5. Башкаруу, бийлик кылуу. *Атаң Эрман ашында Айлыңызды билиңиз* («Эр Табылды»). *Былк эткизбей көп журтту Билип калган кези экен* («Семетей»).

**БИЛАРМАН** *туурасы:* **билерман.**

**БИЛБЕГЕНИ БИТ** Билбегени жок, бардыгын билет, көп нерселерге түшүнөт деген мааниде колдонулат. *Ошентип сыртынан жоош болуп турган менен, анын билбегени бит* («Ленинчил жаш»). *Кичине болбой калсын, сенин көзүңө ошондой көрүнгөнү менен, билбегени бит* («Кыргызстан маданияты»).

**БИЛБЕС** Түшүнүгү начар, түшүнбөгөн, билимсиз. *Тамаша айтсаң билбеске, Тар жерде катуу сындырат* (Токтогул).

**БИЛБЕСТИК** Билбегендик, түшүнбөгөндүк. *Өйдө-төмөн билбестиктер кетирсем, кечирип койгула, жеңелер* («Ала-Тоо»).

**БИЛГИ** Билгич, баамдагыч, тез биле коюучу. *Сөз билги. Иш билги. Сыр билги.*

**БИЛГИЗ бил II** этишинин аркылуу мамилеси. *Акылы башка Кенжеке Кылдаттыгын билгизди* («Эр Төштүк»).

**БИЛГИЛИК билгичтик** менен бирдей.

**БИЛГИР** Билгич. *Төртөөбүздүн ортобузда кандай өзгөчөлүк бар. Билгир элең, айтчы?* (Каимов).

**БИЛГИЧ** Бир нерсени тез сезгич, тез биле коюучу. *Ичтеги сырды байкайт го, Адамдын кыйын билгичи* («Олжобай менен Кишимжан»). ‖ Билерман, акылман, даанышман. *Уламадан уласак, Билгичтерден сурасак* («Манас»). *Жүр, билгичке баралык, Калыс кыла салалык* (Токомбаев).

**БИЛГИЧТИК** Бир нерсени тез биле коюучулук, сезгичтик, билермандык, даанышмандык. *Эркинбек чоочун аялдын билгичтигине таң калгандай делдее башын ийкеди* (Жантөшев). ‖ Кандайдыр бир нерсенин жөнүн, жайын жакшы билгендик. *Техниканы билгичтик менен пайдалануу.*

**БИЛДИР** 1. **бил II** этишинин аркылуу мамилеси. *Ойдо жок сөздү билдирип, Чериңди жазат күлдүрүп* (Тоголок Молдо). 2. Туюндуруу, сездирүү, кабарлоо. *Эрктүү кыргыз элиме Кат аркылуу билдирдим* (Барпы). *Мусабек небересине Азатбек деп ат коюуну каалагандыгын билдирди* (Сасыкбаев). *Ызакул чын жүрөгүнөн ыраазылыгын билдирип жүрүп кетти* (Бейшеналиев).

**БИЛДИРҮҮ I** Кандайдыр бир нерсе, иш

жөнүндө маалымдаган кабар. *«Кабардын» билдирүүсү. Информациялык билдирүү.*

**БИЛДИРҮҮ II билдир** этишинин кыймыл атоочу. *Маниловскийге сүйлөөнү билдирүүнү каалаган жок* (Сасыкбаев).

**БИЛЕГЕН** Даанышман, билимдүү. *Битигин тооп кылышып, Билегендер окуган* («Эл адабияты»).

**БИЛЕГИ ЖООН** *к.* **жоон билек.**

**БИЛЕК** 1. Чыканактан колдун башына чейинки аралыктагы мүчө, жилик. *Билектен шап кармады. Билерикти сол колунун билегине салдым* (Абдукаримов). 2. *өт.* Күч, эмгек. *Кийиз кимдики болсо билек ошонуку* (макал). 3. Сокбилек. *Билекти Алымкулга берип жеңимдин айрыгын жөрмөп бере койчу* (Абдукаримов). 4. Кээ бир өсүмдүктөрдүн, мисалы, ышкындын түбүнөн чыккан жалбырагынын жалбырак ачылганга чейинки бөлүгү.

**БИЛЕКТҮҮ** Күчтүү, балбан. *Билимдүү миңди жыгат, билектүү бирди жыгат* (макал).

**БИЛЕРИК** Күмүштөн, алтындан ж. б. металлдан жасалган, аялдар коздук үчүн билектерине сала турган буюм. *Кош билерик, кош шакек, Оң колуна сала кет* (Тоголок Молдо).

**БИЛЕРМАН** 1. Башкарып-тескөөчү, белгилүү бир топтун, уруунун ж. б. иштеринин жөн-жайын жакшы билген башкаруучу, алардын эркин билдирип бийлөөчү. *Эртеси эки жактан эл билермандары баш кошуп сүйлөшүп, бүтүм чыгарышты* (Элебаев). *Бий, болуш, манаптар өңдөнгөн кыргыздын эл билермандары болсо көпчүлүккө эриксиз баш ийип калган эле* (Элебаев). 2. Иштин көзүн тааныган билгич, көптү билген, билеселүү, акылман. *Ал ар нерсени өз ордуна коё билген билерман жетекчи* («Кыргызстан аялдары»). *Зайып болсоң да элибиздин билерманы бол* (Сыдыкбеков).

**БИЛЕСЕЛҮҮ** Акылдуу, билгич. *Билеселүү жигитке өнүп өскөн эл жакшы* (макал).

**БИЛЕТ** 1. Бир нерсени пайдаланууга укуктуу экендигин далилдөөчү (адатта акчага сатып алынуучу) документ, чыпта. *Проводница жүргүнчүлөрдүн билеттерин текшерүүдө* (Сасыкбаев). 2. Партиянын, белгилүү бир уюмдун, коомдун ж. б. мүчөсү экендигин, кандайдыр бир милдеттери бар экендигин аныктоочу документ. *Партиялык билет. // Окуучулук билет.* 2. Билимин текшерүүдө суроолору көрсөтүлүп жазылган баракчалар. *Экзамендик билеттер.*

**БИЛЕТЁР** Келүүчүлөрдүн, жүргүнчүлөрдүн билеттерин эшик алдында текшерип, кирүүгө уруксат берүүчү кызматкер.

**БИЛИК** Бир учу майга же керосинге матырылып, экинчи учу күйүп жарык берүүчү шамдын эшилген кебези же чырактын тасмасы. *Майга көлбүгөн кебез билик түндө жоодурап күйүп турат* («Жаш ленинчи»). *Айдай чыракка май толтуруп, шишесин тазалап, билигине от койду* (Каимов).

**БИЛИМ** 1. Ой жүргүзүүнүн жана коом менен жаратылыштын өнүгүшүнүн закондорун үйрөнүүнүн системасы. *Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен* (макал). *Илим – окуу булагы, билим – өмүр чырагы* (макал). 2. Белгилүү окуу жайы аркылуу бериле турган илимий маалымат, илим. *Орто билим. Жогорку билими бар адис.*

**БИЛИМ БЕРҮҮ** *пед.* Системалуу илимий билимдерди берүү жана алуу процесси.

**БИЛИМДҮҮ** 1. Билими бар, окуган, маалыматтуу. *Мугалимдердин теңме-теңи жогорку билимдүү* (Сыдыкбеков). 2. Аркы-беркини түшүнгөн, акыл-эстүү, билгиликтүү. *Билимдүү чубак муну айтты, Билгенин кургур куп айтты* («Манас»).

**БИЛИМДҮҮЛҮК** 1. Билими, маалыматы бардык. *Мугалимдердин кадыры, анын билимдүүлүгүнө байланыштуу* («Мугалимдерге жардам»). 2. Акыл-эстүүлүк, жөн билгилик. *Билимдүүлүк жайы бар.*

**БИЛИМДҮҮСҮН** Билимдүүдөй көрүнүү, билимдүүмүн деп эсептөө. *Кээ бирөөлөр билимдүүсүнүп жүрөт.*

**БИЛИМПОЗ** Окумуштуу, илимдүү, билимдүү. *Элибизде баары болду болбогон. Акын, доктор, билимпоздор ондогон* (Токомбаев).

**БИЛИМСИЗ** 1. Аркы-беркини түшүнбөгөн, билгиликтүү эмес, жөн билги эмес. *Билимдүү менен билимсиз Акылынан билинген* (Осмонкул). 2. Билими жок, сабатсыз, окубаган. *Билимсиздер канча кайрат кылса да, Көрсөтпөсө көп сырларды биле албайт* (Токомбаев).

**БИЛИМСИЗДИК** 1. Аркы-беркини түшүнбөгөндүк, өзү сезе койбогондук, билгиликтүү боло албагандык. 2. Сабатсыздык.

**БИЛИН** Таанылуу, белгилүү болуу, байкалуу. *Айтканың ырас, Токтогул, Аныгы мага билинди* (Барпы). *Баатырдыгы билинди, Балада мындай жок экен* («Эр Табылды»). *Кой, жигит, сырың билинип калды* (Убукеев).

**БИЛИНГВИЗМ** Кош тилдүүлүк. 1. Эки тилдин бир мамлекетке бирдей кызмат кылышы, эки тилдүүлүк. 2. Өз эне тили менен катар экинчи бир тилден да ошондой эле даражада пайдалана билүүчүлүк.

**БИЛИНДИР билин** этишинин аркылуу мамилеси. *Билингенин айтайын Билиндирип кайтайын* («Эр Табылды»).

**БИЛИНЕР-БИЛИНБЕС** Анчалык байкаларлык эмес, анчалык сезилерлик эмес. *Билинер-билинбес ойдуңу гана байкалбаса, Чоң-Алайдын өрөөнү көпкөк болуп мелтирейт* (Жантөшев).

**БИЛИНТ билин** этишинин аркылуу ма-

милеси. *Бийкеч айт дейт апама, Билинтип ушул кеңешти* («Эр Табылды»).

**БИЛИНҮҮ** **билин** этишинин кыймыл атоочу.

**БИЛИШ I** Тааныш, белгилүү, бирин бири билген. *Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш* (макал).

**БИЛИШ II** **бил II** этишинин кош мамилеси. *Баштатадан сыр билишкен немедей, Басып келдик биздин үйдү төтөлөп* (Маликов).

**БИЛЛИОН** Он нөлү бар (кээ бир өлкөлөрдө он эки) бирдикти туюндурган сандын аталышы.

**БИЛМЕКСЕН** Бир нерсени билип алуу үчүн анткорлонуп, билбеген болуп калуу.

**БИЛҮҮ** **бил II** этишинин кыймыл атоочу. *Жылдызкан окуянын аягын билүүгө чыдамсызданып суроо берди* (Байтемиров).

**БИЛЬЯРД** Атайлап жасалган кырлуу столдо шарларды жыгач таяк (кий) аркылуу бир-бирине уруштуруп, тийиштүү эрежеге баш ийип ойнолуучу оюн. *Бир партиядан бильярд ойнодук.* // Ушул оюнду ойной турган, төрт жак бурчунда шар түшүүчү, сеткалуу чуңкуру бар, борттуу стол. *Жай күндөрүндө бильярд турган бул бөлмө үйдөгүлөрдүн баарынын көңүлүн бурбай койчу эмес* («Жаш ленинчи»).

**БИНА** Пайда болуу, жаралуу, боюна бүтүү. *Канчайымдын боюна бала бина болду* («Эл адабияты»).

**БИНАРДЫК** Эки, кош. Эки компоненттен, түгөйдөн турган түшүнүктү туюндурууда колдонула турган сөз. М: *лингв. бинардык оппозиция.*

**БИНТ** Жараатты таңуу, байлоо үчүн колдонулуучу тилке тасма марли же чүпүрөк. *Сырга йод сүйкөлгөн жараатка бинт ороду* (Сыдыкбеков). *Сестра Жапардын бутундагы бинтин чечти* (Баялинов).

**БИНТТЕ** Бинт менен таңуу, байлоо. *Бинттеп таңуу.*

**БИНТТЕЛ** **бинтте** этишинин туюк мамилеси. *Бинттелип таңылган.*

**БИНТТӨӨ** **бинтте** этишинин кыймыл атоочу.

**БИОГЕОГРАФИЯ** Айбанаттардын, өсүмдүктөрдүн жер жүзүнө таралышын изилдөөчү илимдин бир тармагы.

**БИОГЕОХИМИЯ** *геол.* Тирүү организмдердин катышуусу менен биосферада химиялык элементтердин алмашуусун изилдөөчү илим.

**БИОГЕОЦЕНОЗ** Тарыхый эволюциялык жактан калыптанган, экол. теңсалмактуулукка ээ болгон тирүү организмдерден, аларды курчаган топурак рельеф, тоотектери, гидрол шарттар, атмосфера ж.б. кубулуштардын жыйындысынан турган жана өзүн-өзү башкарууга жөндөмдүү болгон жаратылыштык мейкиндик.

**БИОГЕОЦЕНОЛОГИЯ** *биол.* Биоценозду изилдөөчү илим.

**БИОГРАФ** Бирөөнүн өмүр баянын жазуучу. *Айтматовдун биографы.*

**БИОГРАФИЯ** Өмүр баян.

**БИОДИНАМИКА** Жандуу жаратылыштын, организмдин жалпы өсүшүн, өзгөрүшүн, кыймылын изилдөөчү илимдин бир тармагы.

**БИОИНЖЕНЕР** Биоинженерия боюнча адис.

**БИОКЕРАМИКА** Тишти протездөөгө колдонулуучу керамикалык металл.

**БИОКИБЕРНЕТИК** Биокибернетика жагынан адис.

**БИОЛИТТЕР** *геол.* Өсүмдүк менен ткандарынын ичинде пайда болгон минералдар.

**БИОЛОГ** Биология боюнча адис. *Биолог мугалимдердин усулдук кеңешмеси өткөрүлдү.*

**БИОЛОГИЯ** Жандуу жаратылыштын өрчүш закондорун, өнүгүш өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим.

**БИОЛОГИЯЛЫК** **биология** дегенге таандык. *Биологиялык илимдер. Биологиялык процесс.*

**БИОЛОГИЯЛЫК ЧЫПКА** *биол.* Агын сууларды биологиялык жол менен тазалоо үчүн курулган нерсе.

**БИОМ** Белгилүү ландшафттын – географиялык зонада жайгашкан, өсүмдүктөр дүйнөсү окшош экосистемалардын жыйындысы.

**БИОМАССА** Ар түрлүү организмдердин (популяция, бирлешкен) тиричилик үчүн көлөмүнүн, эт денесинин массасы.

**БИОМЕТРИЯ** Биологияда изилдөөлөрдө – вариациялык белгилердин орточо маанилүүлүгүн табууда, пландоодо жана кайра иштеп чыгууда колдонулган математикалык статистиканын ар кандай методдорунун негизги жыйындысы.

**БИОМЕХАНИКА** Биологиялык процесс менен механикалык процесстин ортосундагы кыймылды текшере турган физиологиялык илиминин бир тармагы.

**БИОМЕХАНИКАЛЫК** **биомеханика** дегенге таандык.

**БИОРИТМ** Тирүү организмде болуп жаткан биологиялык кубулуштар жана процесстердин мүнөзү жана алардын циклдүү термелүүсүнүн ургаалдуусу.

**БИОРИТМОЛОГИЯ** Биоритм жөнүндөгү илим.

**БИОСИНТЕЗ** *биол.* Тирүү организмде ферменттердин катышуусу менен органикалык кубулуштарды синтездөө процесси.

**БИОСТАНЦИЯ** Жандуу организмдердин өрчүш, өнүгүш закондорунун өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү жергиликтүү биологиялык станция.

**БИОСФЕРА** *биол.* Жердин тирүү заттар

жашаган катмары. Атмосфера, гидросфера жана литосферанын тиричилик турмуш өтүп жаткан аймагы.

**БИОТА** Кандайдыр бир белгилүү аймакты ээлеген, тарыхый калыптанган тирүү организмдер жыйындысы.

**БИОТАЛАА** Парапсихологияда бир же бир нече организмдин айланасында жаралган көзгө көрүнбөгөн талаа.

**БИОТЕХНОЛОГИЯ** *биол.* Биологиялык процесстердин негизинде адамзатка керектүү өнүм алып келүү технологиясын жасоого багытталган илим жана өндүрүштүн бир түрү.

**БИОТОК** Тирүү организмдердеги электр тогу.

**БИОТОП** *биол.* Организмдердин белгилүү бир коому ээлеп турган жай.

**БИОФИЗИКА** Биологиялык процесс менен физикалык процесстин ортосундагы закон ченемдүүлүктү изилдеп, биологияда колдонуу жолун изилдөөчү илимдин бир тармагы.

**БИОФИЗИКАЛЫК биофизикага** таандык.

**БИОХИМИК** Биохимия боюнча адис.

**БИОХИМИЯ** Биологиялык өзгөрүштөрдүн химиялык процесстерин (составдарын) изилдөөчү илим.

**БИОХИМИЯЛЫК биохимияга** таандык. *Дүүлүктүргүч мээнин абдан татаал биохимиялык дүүлүктүрүүсүнө реакция берүүгө даяр турат* («Ден соолук»).

**БИОЦЕНОЗ** *биол.* Белгилүү бир жайда жашоочу тирүү организмдердин жалпы тобу, алардын өз ара мамилеси жана сырткы чөйрөнүн шарттарына байыр алышы жөнүндөгү жалпы түшүнүк.

**БИОЦЕНОЛОГИЯ** *биол.* Биоценоз жөнүндөгү илим.

**БИОЭКОЛОГИЯ** *биол.* Тирүү организмдер жана алардын мекен жайлары менен карым-катышта туруучу илим.

**БИОЭТИКА** *биол.* Биологиядагы этикалык маселелерди көздөгөн илим.

**БИП I** Кыска жана ичкерээк чыккан сигнал үнүндөй дабышты билдирүүдө колдонулат. *Баласына машина сатып берди, Бала сүйүнүп, бип-бип, тү-тү деди* (Шүкүрбеков).

**БИП II** Сын атоочтун бипбийик, бипбирдей сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт. *Бипбийик жалагандай бети тегиз* (Бөкөнбаев). *Үйлөрүн бипбирдей, опокшош салмак болду* (Убукеев).

**БИПЛАН** Катар-катар келген кош канаттуу учак.

**БИР** 1. 1 саны, эсеби. *Бир, эки, үч, Биздерге күч* (Бөкөнбаев). *Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат* (макал). 2. Атооч сөздөр менен айкалышта айтылып, ага «кимдир», «кандайдыр» деген сыяктуу так, айкын болбогон маани берүү иретинде колдонулат. *Эшикти ачты бир келин, Эңкейип кирди Сырга жан* (Бөкөнбаев). *Аңгычакты бир үйдүн Алдына «ак!» деп токтоду* («Мендирман»). *Акбар өзүн бир башка дүйнөгө келгендей сезди* (Убукеев). 3. Чогуу, бирге экендикти, белгилүү даражадагы биримдүүлүктү, бирдикти билдирүүдө колдонулат. *Бардыгы бир добуштан кол көтөрдү* (Үмөталиев). *Аралаш болуп бир жүрүп, Бала болуп калды эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алар тирүү кезинде казан-аягы бир боло турган* (Байтемиров) 4. Белгисиз ат атоочторду уюштурат. *Бирок кайсы бир колхоздон келген быжыгыр кара сакал киши баарын бүлдүрдү* (Каимов). *Андрейдин жүрөгүн бир нерсе өйүп калды* (Байтемиров). *Таң атканын кабарлагансып кай бир чымчыктар үн салды* (Жантөшев). *Кээ бир адамдар кайдадыр шашып бара жаткансыйт* (Жантөшев). *Ага бир канча баалуу көрүндү* (Байтемиров).//Аныктама ат атоочтордун татаал түрүн уюштурат. *Ар бириңер алп күчүңөрдү чыгаргыла* (Сыдыкбеков). *Иманбай бир топ фактыларга токтолуп кетти* (Каимов). *Анан дагы бир катар иштер бар* (Жантөшев). 5. Мезгилди көрсөткөн тактоочторду уюштурат. *Келип калса бир күнү, Кетемби деп коркомун, Кеп, билбеген багышка* («Олжобай менен Кишимжан»). *Бир оокумда китеп, дептерин акырын кармалап көрдү* («Жаш ленинчи»). *Апасы бир топко чейин ойлонуп турду* (Каимов). ‖ Сын-сыпатты билдирген тактоочторго күчөтүү маанисин берет. *Базарбек болгон окуяны бир баштан чубады* (Каимов). *Бекем калган сарайдын Бекемдиги бир далай* («Эр Төштүк»). ‖ Сан-өлчөмдү көрсөткөн тактоочторду уюштурат. *Элибиздин маданий турмушу бир кыйла жогорулады* («Эркин Тоо»). *Ал бир сыйра көз жүгүртүп чыкты* («Ала-Тоо»). 6. Бөлүктү, убакыт өлчөмүн, ченемди көрсөткөн бир катар сөздөр менен айкалышып, түрлүүчө чондуктагы, көлөмдөгү ченди жана белгилүү бир убакыт өлчөмүн билдирет. *Бир аздан кийин кар жаады* (Убукеев). *Өзү да жебейт тиштенип, Бир үзүм бербейт бөлөккө* (Шүкүрбеков). *Чүкөбай бир кесим эт алып, оозуна салды* (Баялинов). *Арадан бир аз убакыт өттү* (Жантөшев). *Темировдун кеткенине бир канча убакыт болду* (Жантөшев).

**БИР АЗ** Азыраак, анча-мынча, болор-болбос. *Бир аз тыйын-тыпырым боло турган эле, ала келейин* («Ала-Тоо»). *Таң калбаңыз менин ушул алыма, Олтур, аяш, бир аз менин жаныма* (Токомбаев).

**БИР АЙТАСЫҢБЫ, ЭКИ АЙТАСЫҢБЫ** Ошондой болсо гана, андай болсо жакшы болбойт беле деген сыяктуу бир нерсенин болушун өтө каалоо, же болбой калды

дегендей өкүнүү маанисинде колдонулат. *Эми аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы...* (Абдукаимов).

**БИР АЧУУҢДУ БЕР** Андай кылба, сабыр кыл, кечирип кой деген сыяктуу кечирим суроо, өтүнүп-сурануу маанисинде колдонулат. – *Эми айланайын, байбатча, бир ачууңду мага бер, айланайын, – деп, эки колу калтырап үнү каргылданып, Мойдундун тизесин кучактай берди* (Касымбеков). *Балакетиңди алайын, Калыйпа, бир ачууңду мага берчи* (Бердикеев). *Антпе, Шаке, бир ачууңузду мага бериңиз* (Бердикеев).

**БИР АЯГЫ КӨКТӨ, БИР АЯГЫ ЖЕРДЕ** Абдан коркунучтуу абалда, өлүм алдында. *Бир аягы көктө, бир аягы жерде болуп турганда, Айганыштын Шамбеттен күткөнү ушул беле* (Сыдыкбеков). **В.: Бир аягы төрдө, бир аягы көрдө.** *Кадырлуу мейман баам коюп тиктеп, бир чети таң болуп, ушунчалык аты алыска кеткен адамдын мынчалык бир аягы төрдө, бир аягы көрдө болуп, муңкүрөп карып калганына чын ыкластан боору ачыды* (Касымбеков). **Бир буту жерде, бир буту көрдө.** *Бир бутум жерде, бир бутум көрдө турганда сенден угаарым ушул беле?* (Сыдыкбеков). *Бир буту жерде, бир буту көрдө турат, бечара аман-эсен көз жарып алса болду* («Ала-Тоо»). **Бир буту көрдө, бир буту жерде.** *Бир буту көрдө, бир буту жерде экенин Чойбек эми гана түшүндү* (Бейшеналиев).

**БИР БАЗАРДАН ӨТКӨН** 1. Турмушка түшүнүп калган, өмүрдөгү бир мерчемдүү куракты башынан өткөргөн. *Бир базардан өткөн аялдын кылар иши ушубу? – деп эл чуулдады* («Чалкан»). 2. Турмуш курган, үй-бүлө күтүп калган. – *Ха, ха! Тоголок Молдо айтпадым беле, топуктуу. Кыздан качат, Бир базардан өткөн жубанга шашат, Мынча болду, Айымкан, сунушуңду ортого сал* (Бейшеналиев).

**БИР БАШТАН** Бардыгын катары менен, башынан аягына чейин, тегиз. – *Базарбек болгон окуяны бир баштан чубады* (Каимов). *Айтылат баары бир баштан, Адамдардын мүнөзү* (Тоголок Молдо).

**БИР БАШЫ ЭКИ БОЛУУ** Үйлөнүү, турмуш куруу, аял алуу. *Көрүп гана тим эмес, бир башың эки болуп, үйлөнгөнүңөрдөн кийин турмушту чындап таанырсың.* (Бейшеналиев). **В.: Жалгыз башы эки болуу.** *Качанкыга жалгыз башың эки болбой кокоет* (Бейшеналиев).

**БИР БЕТ** Бирдей, тегиз, бир тараптуу. *Экөөбүз бир бет турсак эч бир бузуку бизди бузуп-жара албайт* (Байтемиров).

**БИР БОЗОРУП, БИР КЫЗАРУУ** Айыбы ачылып, катуу уят болуу, ыза болгон абалда калуу. *Ланичек бир бозоруп, бир кызарып отурду* (Ашымбаев). *Чагыр башка чаптыргандай бир бозоруп, бир кызарды. Колундагы кур түшүп кетти* (Осмоналиев). **В.: Бир кубарып, бир бозоруу.** *Бир кубарып, бир бозоруп, эмне кыларын билбей туруп калды* («Ала-Тоо»). *«Кара бет» деген катуу сөздү угуп бир кубарып, бир бозоруп турган Агыргайга тигилердин сөзү эм боло түштү окшойт* (Ш. Үмөталиев). **Бир кызарып, бир бозоруу.** *Кыябын таппай купуя термелген карала... Байымбеттин бир кызарып, бир бозоруп ызаланганын, бирок каяша айтпай сабырдуулуулугун сыйлаганын баамдады* (Бейшеналиев).

**БИР БООР** Жакын, туугандык жакындык жагы бар. *Эч кимибиз жамандыкка ыраа көрбөй турган бир боор элек* (Жигитов). *Алыска кетпеген ак көңүл, бир боор эл эмеспи* (Осмоналиев). *Канча кылган менен бир боор да.*

**БИР БОРООНДУК АЛЫ ЖОК** Өтө алсыз, чабал, бир нерсеге туруштук бере албаган. *Биз каптаганда бир бороондук алы жок, тыпырап уйпаланган букараларга ийе тартып, бизди канкор, зулум атап казал жамыратат* (Бейшеналиев).

**БИР БУРООСУ ЖЕТПӨӨ** Бир нерсени толук түшүнбөө, жеткире ойлой албоо, акылэси кем. *Мунун бир буроосу жетпейт, кылганын карачы, таптакыр тескери* («Ала-Тоо»).

**БИР БУТУ БЫЯКТА, БИР БУТУ ТЫЯКТА** Туругу жок, орунсуз, бир жерге байыр алып турбаган. – *Сен ошол үй-жайы жок, бир буту быякта, бир буту тыякта жүргөн бузукуларды ээрчип жүрөсүңбү?* (Ашымбаев).

**БИР ДЕМДЕ** Бир паста, бир заматта. *Ушинтип душман бир демде, Бетме-бет кирип келгенде* (Токомбаев).

**БИР ЖАКАДАН БАШ, БИР ЖЕҢДЕН КОЛ ЧЫГАРУУ** Бири-биринин ыгынан чыкпай, бир ооздуу, ынтымактуу болуу, бөлүнүпжарылбоо. *Анын үстүнө бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгара турган кесиптештеримди издедим* («Ленинчил жаш»). *Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарбасак, биз жерибизден, бийлигибизден жакында кол жууп кала турган окшойбуз* (Касымбеков). *Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарсак жакшы болбойбу* (Жантөшев). **В.: Бир жеңден кол чыгаруу.** – *Кана, Калайык журт, бир ооздон сөз, бир жеңден кол чыгарып, Дүр мырзага даттанууга даярсыңарбы?* (Бейшеналиев).

**БИР ЖАҢСЫЛ БОЛУУ** Бүтүү, аяктоо. *Гүлай дүгдүлүңдап, беттеген ишин бир жаңсыл кылмайынча тынчу эмес* («Жаш ленинчи»).

**БИР ЖЕРГЕ КҮЛ ТӨГҮҮ** Макулдашып, ынтымакташып оокат кылуу. *Бир жерге күл төккөнүбүз жакшы го* («Ала-Тоо»).

**БИР ЖОЛУ** 1. Биротоло, такыр. *Бир жолу келдиңби же кайра кетесиңби? – деп сурады* (Абдукаримов). 2. Качандыр бир убакта, кан-

дайдыр бир учурда. *Бир жолу тиземди ташка уруп алдым эле, көзүмөн от чагыла түштү* (Сыдыкбеков).

**БИР ЖҮЗДҮҮ ТЕРМЕ** Өрмөкчүлүктө көрккөм көчөттү буюмдун бетине гана түшүрүү.

**БИР ИЧЕГИ** Тамакты аз ичкен, анча батыра иче албаган, аз ичип-жеген. *Бир ичеги болуп калыптыр. Бир ичеги мал экен* («Курманбек»). **В.: Бир ичек.** *Бир ичек болуп калган тура.*

**БИР КАЗАНГА КАЙНОО** Биргелешүү, биригүү. *Ушул эки эл бир казанга кайнай алабы, Кыдырмачы аке?* (Осмоналиев).

**БИР КАЙНООСУ ИЧИНДЕ** Чала бышкан, абдан толук быша элек. *Бул тамагыңдын бир кайноосу ичинде калган окшойт.*

**БИР КАЛЫПТАН КУЙГАНДАЙ** Абдан окшош, эч айырмасы жок, бирдей. *Сырткы айырмасы эле болбосо, зили да бир, дили да бир, буларды бир калыптан куйгандай* (Үмөталиев).

**БИР КАТАР** Бир канча, бир далай, бир топ. *Арасынан бир катар, Алда канча жыл өтүп* (Тоголок Молдо).

**БИР КАШЫК КАНЫН КЕЧҮҮ** Өмүрүн, жашоосун сактап калуу, ажалдан алып калуу, – *О, хазрати! Бечара кулуңуз акыйкатын сүйлөп койду, бир кашык канын кечип койгойсуз...* (Касымбеков).

**БИР КИШИДЕЙ БАР ЭКЕН** Кадырлоо, сыйлоого татый тургандай, керекке жарагыдай, колунан бир нерсе келе тургандай экен деген мааниде. *Айткан сөздөрүңө, жүргөн-турганыңа караганда бир кишидей бар экенсиң, балам, – деди карыя мага ыраазы болгондой* («Ленинчил жаш»). – *Чоң атама барам деп атама өзүм айттым. – О, берекем! – Бир кишидей бар экенсиң. Чындап киши болгон турбайсыңбы!...* (Жусупов). **В.: Бир кишиче бар эле.** *Кериге бүткөн тал элек, Биз дагы бир кишиче бар элек* (фольк.).

**БИР КОКУЙ** Начар жагынан өзгөчөлөнгөн, кыялы, жүрүм-туруму башкача, адамчылыктан тыш көрүнгөн. *Эй, туугандар, мен ушундай бир кокуймун, кыркка чыкканча аял албай картайып кетемби деп чочуймун* (Тойбаев).

**БИР КОЛТУК** Бир кол менен капталга кыса колтукталган нерсенин өлчөмү. *Аскар, Сатай бир-бир колтук тоо арпаканы менен каз таңдайды көтөрүп алышкан* (Сыдыкбеков).

**БИР КӨЗҮ БИР КӨЗҮНӨ ЖОО** Өтө жакын деген адамдан да бир нерсе чыгышы мүмкүн, бирөөгө ишенүү кыйын деген сыяктуу ишенбөөчүлүк, шек саноочулук маанисинде колдонулат. – *Бекназар аке, – деди каңырыгы түтөгөндөй акырын, – кимге ишенебиз, бир көзүбүз бир көзүбүзгө жоо болуп, кандай күнгө туш келгенбиз* (Касымбеков). *Бир көзүң бир көзүңө жоо болуп турган чакта өзүбүздөн башка кимге ишенебиз* (Касымбеков). **В.: Бир көзү экинчи көзүнө жоо.** *Бир көзүң экинчи көзүңө жоо болуп турган мезгилде ...бечара Крибкону кызматтан бошотот* (Осмоналиев).

**БИР КӨЗҮНӨН КАН, БИР КӨЗҮНӨН ЖАШ АЛУУ** Катуу жазалоо, көргүлүктү көрсөтүү, аябай кыйноо, сазайын окутуу, кордуктоо. – *Кууланат экен бул бачагар. Бир көзүнөн кан, бир көзүнөн жаш алуу керек. Салгыла кыл чылбырды!* («Ала-Тоо»).

**БИР КУБАРЫП, БИР БОЗОРУУ** *к.* **бир бозоруп, бир кызаруу.**

**БИР КҮНЧӨ КӨРҮНБӨӨ** Кыйынчылык өтүп кеткенден кийин унутулуп, билинбей, бардыгы жай-жайында болуп калат деген сыяктуу көңүл жубатуу, көңүл көтөрүү маанисинде колдонулат. – *Курулуштар бүтүп кетсе, кыйналганыбыз бир күнчө көрүнбөйт* (Ашымбаев). Ооруп *турдум, ойноп турдум деп аман-эсен баш көтөрсөң бир күнчө көрүнбөйт* («Ала-Тоо»).

**БИР КЫЗАРЫП, БИР БОЗОРУУ** *к.* **бир бозоруп, бир кызаруу.**

**БИР КЫЙЛА** Далай, бир топ. *Умсунай эне уулун ээрчип бир кыйла жерге чейин барды* (Сасыкбаев). *Быйылкы жылы айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө тийишпиз.*

**БИР КЫЛКА** Бир түрдүү, бир катар, бирдей, текши, тегиз.

**БИР КЫРДЫ АШКАН** Турмушту көргөн, жаман-жакшыны башынан өткөргөн, кагылып-согулган, токтолуп калган. *Бир кырды ашкан адам кантип түшүнбөсүн.*

**БИР МОЮН** Мойну кыска.

**БИР НЕЧЕ** Бир топ, бир канча. *Ашым бир нече ак беттерди өткөрүп, дептерди кайра барактады* (Сыдыкбеков).

**БИР НОКОТУ ЖЕТПЕЙТ** *к.* **бир шариги жетпейт.**

**БИР ООЗ** Кичине, анча-мынча, аз гана. *Кыйды абышка аны-муну айтып былжырабай бир ооз суроо менен баарын билмек болгон* (Каимов). *Чунак балдар бир ооз айтып коюшсачы* (Бейшеналиев). *Бир ооз калпы жок, баары чын* (Укаев). *Мөңкөнүн алиги мыскылына карай өзүнүн бир ооз сөз кайтара албаганына иренжип отурду* (Укаев).

**БИР ООЗ БОЛУУ** Бирдиктүү, ынтымактуу болуу, ар ким ар башка сүйлөбөй, бирин-бири колдоо, бирдикте болуу. *Баарың бир ооз болсоңор, Жоо батынгыс көпсүңөр* («Мендирман»). *Баарыңар бир ооз болгула* (Жантөшев).

**БИР ООЗДОН** 1. Бүт, бардыгы, тегиз бир кишидей болгон. *Мыктылар бир ооздон убада кылышты* (Осмоналиев). *Мугалимдер баштап, пионерлер бир ооздон Ашымдын сунушун кубатташты* (Сыдыкбеков). *Алар бир ооздон «жеке Байымбет аганын өзүнүн*

*гана эмес, баарыбыздын, жаңы кыргыз маданиятынын кубанычы, саамалыгы», – дешти* (Бейшеналиев). 2. Бир добуштан, эч ким каршы болбостон, эч ким каршы чыкпастан. *Бир ооздон кабыл алуу.*

**БИР ООЗДУУ** Бардыгынын оюу, пикири бирдей болуу, бири-бирин колдоо. *Баарыбыз бир ооздуу болсок, бизге эч ким бата албайт* (Жантөшев). – *Бир ооздуу болсок, Эрмат аке, акыры көпчүлүк жеңет* (Бейшеналиев). **В.: Бир ооз болуу.** *Баарың бир ооз болсоңор, жоо батынгыс көпсүңөр* («Мендирман»). *Баары бир ооз болуу.*

**БИР ООКУМ** Бир мезгил, бир учур. *Үркөр төбөдөн кыйшайып, түн бир оокум болуп калган* («Чалкан»).

**БИР ПАСТА** Тез эле, арыдан-бери. *Кыздын шамдагайлыгына таң каласың, Мынча ишти бир паста бүтүрө салат* («Ленинчил жаш»).

**БИР СӨЗДҮҮ** Калп айтпаган, сөзүндө турган, ишенимдүү. *Ашым өзү токтоо, бир сөздүү жигит* («Ленинчил жаш»).

**БИР СЫРДУУ** Оңой менен чечилбеген, өзүнчө бир мүнөзү бар. *Бир сырдуу жигит. Ороз көп сүйлөбөгөн бир сырдуу жигит* (Эшмамбетов). *Айтолкунга күйөөсүнүн бир сырдуу экендиги жагат* (Каимов).

**БИР ТАМАН ЖОЛ** Өтө кууш, ичке жол. *Бир таман жол менен декилдеп шашып келатты* («Ала-Тоо»).

**БИР ТОГУЗ** Сыйга же айыпка берилчү тогуз мал. *Эми бүбү сайын бир тогуз, бакшы сайын бир тогуз берди* («Эл адабияты»).

**БИР ТЫЙЫНГА ТУРБАГАН** *к.* **беш тыйынга турбаган.**

**БИР ТЫЙЫНЧА КӨРБӨӨ** Көңүл бөлбөө, маани бербөө, кайдыгер кароо, капарга албоо. *Сен баарыбызды укпай, бир тыйынча көрбөй коюп, ишсиз калган мугалимдер улам редакцияга арызданып келе берген* (Эралиев). *Балаң ыйлап атабы, мектебиң өрттөнүп атабы, мага бир тыйынча көрүнбөйт* (Айтматов).

**БИР УУЧ** Кичинекей, аз гана, үркөрдөй болгон. *Сен эмне, бир ууч жакыр элдин жалпак эски болушусуң* (Бейшеналиев). *Бийаалы, Түркмөн баштаган бир ууч жүзүкаралар экөөңөргө тишин кайрап жүргөнүн өзүң мага айтпадың беле?* (Жантөшев). *Балдардан бир ууч топурак буюрса болду, – деп төрдө жаткан байбиче үшкүрүп койду* («Ала-Тоо»).

**БИР УУЧ СӨӨК** Илгертеден бери кыргыз элинин бериле турган кыз деген сөздүн ордуна колдонуп келген каймана сөзү. *Садыр болуш менен «күмүштөй оролушуп, жездей чырмалышкан» жети сөөк экендигин айта келип, – «бир ууч сөөгүн» алууга тоюн тартып бүгүн келише турган болуптур* (Убукеев).

**БИР ҮНҮ КӨКТӨ, БИР ҮНҮ ЖЕРДЕ** Аябай муңканган, зыркырап-сыздаган, өксүгөн, боздогон абалда. *Жалгыз кызынан ажыраган бечара эненин бир үнү жерде, бир үнү көктө* (Сыдыкбеков). *Кыз чыңыргандай болсо жанына киши тура албайт, Бир үнү көктө, бир үнү жерде* («Ала-Тоо»).

**БИР ЧЕТИ** Бир жагынан. *Кемпир-чал Жийдегүлдү бир чети кызындай, бир чети келининдей көрүп алпечтешкен* (Сасыкбаев).

**БИР ШАРИГИ ЖЕТПЕЙТ** Акыл-эси кем, бир нерсени толук, жеткире түшүнө албайт, дөдөй. *Бул киши көзүмө бир эсе коркунучтуу, бир эсе аянычтуу. Бир шариги жетпейби деп да ойлодум* (Өмүрбаев). **В.: Бир нокоту жетпейт.** *Боюң теректей болгону менен бир нокотуң жетпейт экен* («Алга»).

**БИР ШОЙКОНДУН ИЧИНЕН ЧЫГУУ** *к.* **бирдин ичинен чыгуу.**

**БИР ЭРДИ МЕНЕН КӨКТҮ, БИР ЭРДИ МЕНЕН ЖЕРДИ ШЫПЫРГАН** Жаактууга жай бербеген, ээ-жаа бербей албуутtанып сүйлөгөн, сөзгө алдырбаган бей-жай, кара жаак. *Бир эрди менен көктү, бир эрди менен жерди шыпырган бу кайсы кара түйрүк? Көзүмө көрсөтпөй алып чыккыла! Буга окшогон бей-жай салпаяктар төбөбүзгө чыга баштаса, шыйкыбыздын кеткени го, кудай?!...* (Ш.Үмөталиев).

**БИР ЭСЕПТЕН** Бул жагынан, мындайча алганда. *Бир эсептен булардыкы да туура өңдөнөт. Бир эсептен айтканың туура* (Жантөшев).

**БИРГАЗАН** Ири суу кушу.

**БИРГЕ** Кошо, чогуу, бирдикте. *Жетимдикти бирге тарткан курбалым* (Токомбаев). *Каныбек медсестра Наташа менен бирге аскерлердин тазалыгын карап жүрдү.* (Жантөшев).

**БИРГЕЛЕШ I** Бирге, бирдикте, чогуу, биримдиктүү. *Асылып келген душманга, Аял, эркек биргелеш, Алдырган жоксуң намысты* (Үмөталиев).

**БИРГЕЛЕШ II** Бирге болуу, кошо болуу, бириктешүү, чогуу бир бүтүмгө биригишүү *Нечен жылдардан бери биргелешип туруп келе жатабыз* (Абдукаримов). *Биргелешип иштешип, Заман ээси биз дешип* (Үмөталиев).

**БИРГЕЛЕШМЕ** Коллектив болуп чогулуу, биригүү.

**БИРГЕЛЕШТИР биргелеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**БИРГЕЛЕШҮҮ биргелеш I** этишинин кыймыл атоочу.

**БИРГЕЛИК** Бирге болгондук, биримдүүлүк. *Биргеликте иштөө. Биргеликте болуу.*

**БИРГЕЛӨӨ** биргеле этишинин кыймыл атоочу.

**БИРГЕМ: жан биргем** Эркелетүүдө же жакшы көргөндүгүн билдирүүдө колдонулат.

*Менин тилим ал биргем* (фольк). *Кыйбаган жан биргемден айрылгандай Кылчаңдап улам карап кетип барам* (Үмөталиев).

**БИРДААРЫ** Бир тобу, бир канчасы. *Бирдаары окууну бүткөнчө, тоскоолдук кылбай бирин-бири күтүшөт* (Бейшеналиев).

**БИРДЕ** Кээде, кез-кезде, кээ бир учурда. *Жамгыр бирде сээлдеп, бирде демеп турду* (Каимов). *Бирде бала мүнөздүү, Бирде чексиз акылдуу* (Осмонов).

**БИРДЕЙ** Окшош, айырмасы жок, теңдеш. *Жери бирдей, багуу гана башкача* (Токомбаев). *Бүгүнкү жекшемби жан-жаныбарга бирдей жагымдуу, бирдей көңүлдүү* (Сыдыкбеков). ‖ Тең, чогуу. *Бүт элге Бирдей эне ал улуу жер* (Маликов). *Ошол замат эки-үч сарымсакты бирдей кармап Орусбек жетти* (Сыдыкбеков).

**БИРДЕЙЛИК** Бирдей сапат, тендик, окшоштук. *Бул система шайлоолордун жалпыга бирдейлигин жана теңдигин белгилейт* («Мугалимдерге жардам»).

**БИРДЕКЕ бирдеме** менен бирдей.

**БИРДЕМЕ** Бир нерсе, кандайдыр бир белгисиз нерсе, окуя, сөз ж. б. *Ага бирдеме деп айтты. Кокус алдыбыздан бирдеме жолукса, кантебиз* (Сыдыкбеков). *Көпөлөктүн канатындай делдектеген бирдеме өзү* (Сыдыкбеков).

**БИРДЕНКЕ бирдеме** менен бирдей. *Ал мен жөнүндө бирдеңкелер айтып жаткан окшоду* («Ала-Тоо»).

**БИРДЕШ** Биргелешүү, уюмдашуу, биригүү. *Кылымдан баскан зордукту Бирдешип тепсеп таштадың* (Токомбаев).

**БИРДЕШТИР бирдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**БИРДЕШҮҮ бирдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**БИРДИ БИРГЕ УРУУ** Куулук, амалкөйлүк кылуу, урду-бердиге салуу, өтө эпчилдик менен иш кылуу. *Ланичек сымал бирди-бирге уруп жүзүн жашырып келген жылмаңдардын сазайын колуна беришкей эле, – деп тиледи* (Ашымбаев). *Бирди бирге уруп көнгөн куулар далайды алдашып, пулдарын кымбатка баалашып эчендi сыздатат* (Бектенов).

**БИРДИ-ЖАРЫМ** Бирин-экин, бир аз, анча-мынча. *Кээ бир үйдүн алдында бирди-жарым чал-кемпир отурат* (Жантөшев). *Эмнегедир шашылгансып, бирди-жарым туткундарды айдап, солдаттар жүрөт* (Жантөшев).

**БИРДИ КӨРСӨТҮҮ** Бир жамандык кылуу, каршылашы өкүнгөндөй зыяндуу иш кылуу, адебин берүү. *Мен аларга бирди көрсөтөм, эстеринен чыккыс кылам* (Тойбаев). *Шашпасын, мен ага бирди көрсөтөм* (Мырзаев). *Ичинен көрсөтөм деп саган бирди, Кызыл чок жүрүп кетти туталанып* (Турусбеков).

**БИРДИ КӨРҮҮ** Кырсыкка учуроо, жаман ишке дуушар болуу. *Бул өзүн өзү билет, өтүгүн төргө илет, Улууну урматтабай бирди көргөнү жүрөт* (Тойбаев). *Же, сен бирди көргөнү жүрөсүңбү? – деди Балтабай Асанга* (Баялинов).

**БИРДИ ЭКИ КЫЛУУ** 1. Апыртуу, апыртып жиберүү. *Бул айтылгандарды тигилер укпасын, бирди эки кылып жиберет* («Ала-Тоо»). 2. Өтө эпчилдик менен бир нерседен пайда көрүү, көбөйтүү. *Өзү бирди эки кылган шылуун, өзгөчө жогору жактагылардын ичикойнуна кирип, ымалалашып кеткен эргул эле* («Советтик Кыргызстан»).

**БИРДИК** 1. Бириккендик, ынтымактуулук, чогуу бириктешкен биримдүүлүк. *Бирдик болбой тирдик болбойт* (макал). *Сен да, эне, чыдап күрөш, Чындык, достук, бирдик жеңет* (Токомбаев). 2. Бир менен тогуздун ортосундагы айрым-айрым бүтүн сан, эки орундуу цифрага чейинки 1 бүтүндү билдирүүчү сан эсеби. *Жазылган цифранын ичинен жүздүк, ондук, бирдиктерди бөлүп көрсөтүү.* 3. Негизи болуп 1 саны, 1 бүтүндүк, белгилүү бир өлчөм алынган өлчөө чени. *Өлчөө бирдиги. Акча бирдиги. Тоют бирдиги.*

**БИРДИКТЕШ бириктеш** менен бирдей. *Биздин колдо бирдиктешкен күч терең* (Калык).

**БИРДИКТҮҮ** Биримдиктүү, ынтымактуу. *Эч ким бузуп ала албайт, Бирдиктүү элдин калаасын* («Сейтек»). *Бирдиктүү коллективдин иши жемиштүү.*

**БИРДИКТҮҮЛҮК** Бирдикте болгондук, бир ооздуулук, ынтымактуулук, биримдүүлүк. *Жумушчулар өздөрүнүн бирдиктүүлүгүн сынашты* (Бектенов).

**БИРДИН АЙЫ** Кыргыз элинин айынын аты, февраль – мартка туура келет. Үзүмчүлүк айы. Малдын чөбү түгөнүп, семиз арыктап, арыктын жилиги үзүлүп турган кез. *Бирдин айы жаңырып, Жыл он эки ай толгондо, Балдарынын кийимин Адырашман, арчага Ысырыктап түтөтөт, Ырымдарын күчөтөт* (Чоробаев).

**БИРДИН АЙЫНДАЙ ЧОЮЛУУ** Адамдын чыдамын кетирип чоюлуу, пейил күткөн, келберсигеи маанайда болуу, ыңгырануу. *Кечээ бирөөнү чакырсак, бирдин айындай чоюлуп, деле келмеги азап болду* («Ала-Тоо»). *Бирдин айындай чоюлбай батыраак эле иштешпейби* (Жантөшев).

**БИРДИН ИЧИНЕН ЧЫГУУ** Кандайдыр бир кырсыкка, чыр-чатакка, коогалуу ишке дуушар болуу. – *Айтчы, кокуй, кишини беймаза кылбай. Бирдин ичинен чыккансың го?* (Жантөшев). *Оңой олжого оолуга берип, бирдин ичинен чыгар бекенсиң?* (Ашымбаев). *Жанагы солдойгон ит барбы, ал ошентип бирдин ичинен чыкмак* (Осмоналиев). **В.: Бирдин үстүнөн чыгуу.** *Бул тентектигиңди койбосоң бирдин үстүнөн чыгасың* («Жаш

ленинчи»). **Бир балээнин ичинен чыгуу.** *Бир балээнин ичинен чыгып кала жаздадым ээ...* (Осмоналиев). *Мен бир балээнин ичинен чыксам, касапчылыктын пайдасын жалгыз өзү ээлеп калмак экен* (Абдукаримов). **Бир шойкондун ичинен чыгуу.** Же *муну тыйган киши жок, Бир шойкондун ичинен чыкпагай эле* («Ленинчил жаш»). **В.: Далайдын ичинен чыгуу.** *Ой, бул шойкондуу бала көрүнөт, далайдын ичинен чыгар бекен.*

**БИРЕР** Кээ бир, кайсы бир. *Бирер түркүн эр жигит Жетишпей жүрөт ар кайда* (Токтогул). *Экиден күрөшүшүп, бирери ырдап, Баштады балалыктын кептеринен* (Калык). ‖ Бир нече, бир аз. *Бул эпкиндүү доош, бирер минута өткөн соң, араң тынчыды* (Сыдыкбеков). *Келгендерине бирер сааткa жакындап баратат* (Сыдыкбеков).

**БИРЕРДЕ** Кез-кезде, кээде, кээ бир учурда. *Көрүнбөй калсам бирерде, Көңүлү учуп сагынган* (Токтогул). *Кызып кетсе бирерде жүгүрүгү шамалдай* («Курманбек»).

**БИРЖА** 1. Массалык товарларды стандарттар же үлгүлөр боюнча сата турган уюмдашкан жана турукту иштеген базар 2. Баалуу кагаздарды, валюталарды, стандарттык үлгү боюнча сатылчу товарларды алып сатууну ишке ашыруучу мекеме. 3. Биржалык операцияларды жүргүзгөн жай. *Фондулук биржа, товардык биржа, валюта биржасы, эмгек биржасы.*

**БИРЖАЛЫК биржа** дегенге таандык. *Биржалык келишим.*

**БИРИ КҮН, БИРИ АЙ** Бири-бирине абдан төп келишкен, татынакай, сындуу, көрктүү. *Алардын эмнесин сурайсьщ, тим эле адам суктангыдай. Бири күн, бири ай* («Жомоктор»).

**БИРИ МЕНЕН БИРИН УРУУ** Өз ич ара кагылыштырып, каршылаштырып, кайраштырып, кас кылып коюу. *Шашпа! Булардын бири менен бирин уруу керек* («Ала-Тоо»).

**БИРИ ӨЛҮП, БИРИ КАЛСЫН** Мейли эмне болсо ошо болсун, өз ара кармаша берсин, мага баары бир, менин тиешем жок деген сыяктуу кайдигерлик кылуу маанисинде. *Бир атанын балдары бири өлүп, бири калсын, бизге эмне* (Эралиев).

**БИРИ ҮЙДҮ, БИРИ ЧҮЙДҮ КАРОО** 1. Бири-бирине туура келбөө, коошпоо, окшошпоо. *Бул оюнун айчыктары туура келбей, бири үйдү, бири чүйдү карап калган тура, – деп, чоң апам күйкөлөктөп, кейий баштады* («Ала-Тоо»). 2. Араздашуу, каршылашуу, бири-бири менен беттешпөө, сүйлөшпөө. *Байкоодо бири үйдү караса, бири чүйдү карап, дегеле бирин-бири жактырышпайт* (Бердикеев). *Бириң үйдү карап, бириң чүйдү карап, күйөөң экөөң тең эле унчукпайсыңар* (Бердикеев).

**БИРИГИШ бирик** этишинин кош мамилеси. *Кул-кутан биригишип колхоз болгон* (Турусбеков).

**БИРИГҮҮ бирик** этишинин кыймыл атоочу. *Биригүүгө үндөө.*

**БИРИК** Бирге болуу, баш кошуу, чогуу болуу. *Көп биригип иштесе, Суу чыгарат кургактан* (Осмонкул). *Жарды-жалчы биригип, эгин айдап, мал баккын* (Токтогул). ‖ Уюшуу, уюмдашуу. *Биригип биз өңдүүлөр колхоз болдук, Эмгекти нажыйжалуу жолго койдук* (Турусбеков).

**БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ** *саяс.* Эл аралык уюм, башкы максаты – эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо жана коргоо, мамлекеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.

**БИРИКМЕ** 1. *тар.* Уюмдашкан чарба, колхоз. *Өкмөттөн үрөн берет алгыла, Майдаланбай бирикмеге баргыла* (Токомбаев). 2. Бириктирилген, биригишкен уюм, союз же мекеме. *Кооперативдик бирикме. Адабияттык бирикме.* ‖ Бир нече бөлүктөн же тармактан кошулган топ. *Методикалык бирикме.* 2. Бир нече бөлүктөн же ар башка аскер бөлүктөрүнөн кошулган ири аскердик бирдик (бригада, дивизия, корпус ж. б.) *Авиациялык бирикме. Танкалык бирикме.* 3. *хим.* Молекуласы бир нече элементтин атомдорунан турган зат. *Химиялык бирикме. Органикалык бирикме.*

**БИРИКТЕШ** Биригишүү, бırимдешүү, биргелешүү, уюшуу. *Экөөңөр бириктешип иштесеңер, мынчалык кокустук да болмок эмес* (Сасыкбаев). *Дыйкандар артель болуп бириктешкен* (Бөкөнбаев).

**БИРИКТЕШТИР бириктеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**БИРИКТЕШҮҮ бириктеш** этишинин кыймыл атоочу. *Бириктешүүгө, душманга кайрат көрсөтүүгө чакырды* («Советтик Кыргызстан»).

**БИРИКТИР** 1. **бирик** этишинин аркылуу мамилеси. *Өз айылын үгүттөп бириктирди* (Үмөталиев). 2. Жалгоо, улаштыруу, туташтыруу. *Темирди бириктирип ширетүү. // Ажар эки-үч алтыгананын башын бириктирип коюп, улам тышка кулагын түрөт* (Жантөшев). ‖ Кошуу. *Экөө кызмат акыларын бириктирсе да бирөөнүн тамагына жете турган эмес* (Баялинов).

**БИРИЛТИК** 1. Чүкө эсептөөдө бир чүкөнүн эсебин билдирүүчү эсеп бирдиги. *Бирилтик чүкө.* 2. Өз алдынча, айрым, жеке. *Калың эл бута атымдай калган кезде Эр Жунуш бирилтикте бара жатты* (Токомбаев).

**БИРИМДИК** 1. Биримдүүлүк, баш кошкондук, ынтымактуулук. *Райондон келген уполномочендер журтту биримдикке, даярдыкка чакырышты* (Сыдыкбеков). *Биримдик болбогон жерде баш аламандык бар.* (Баялинов). 2. *сын. м.* Бирдиктүү, чогуу, бирге. *Бай менен молдо биримдик* (Барпы).

*Калган абышкалар биримдик болушту* (Сыдыкбеков).

**БИРИМДИКТҮҮ** Бирдиктүү, баш кошкон, ынтымактуу. *Биримдиктүү болуу.*

**БИРИМДИКТҮҮЛҮК** Бирдиктүүлүк, баш кошкондук, ынтымактуулук, биримдик.

**БИРИН-СЕРИН** Көп эмес, анча-мынча, бирин-экин. *Мамбеткулдун колунан бирин-серин мал үзүлгөн эмес* (Каимов). *Бирин-серин саргая баштаган жалбырак көрүнсө жулуп таштап, Омор мөмөлөрүн кубаныp карады* (Сыдыкбеков).

**БИРИН-ЭКИ бирин-экин** менен бирдей. *Бирин-эки эчки-улак.*

**БИРИН-ЭКИН** Бир аз, анча-мынча, бир нече. *Шопоктун бирин-экин малын Дүйшөнкул багып, атасынын колун жумуштан бошотуп, оңдуруп салды* (Бөкөнбаев).

**БИРИНДЕ** Бир-бирден тароо, бөлөк-бөлөк болуп бөлүнүп кетүү, чачынды болуу. *Керилип чапкан сайын чамындылар ар тарапка бириндеп ыргып жатты* (Байтемиров). *Калк бириндеп, журт таркап, Калган экен жайында* («Сейтек»).

**БИРИНДЕК** Бириндеген сейрек. *Омордун бириндек сакалынын учтары дирилдей баштады* (Сыдыкбеков).

**БИРИНДЕТ бириндe** этишинин аркылуу мамилеси. *Куш алган чилдей таратып, Бириндеттим талаадан* («Курманбек»).

**БИРИНДӨӨ бириндe** этишинин кыймыл атоочу.

**БИРИНЕН САЛА БИРИ** Биринен кийин бирөө, бири-бирине удаа.

**БИРИНИН ТЕБЕТЕЙИН БИРИНЕ КИЙГИЗҮҮ** Биринин ордуна экинчисин коюу, алмаштыруу, ыңгайын таап эптештирүү, өтө эпчилдик, амалкөйлүк менен иш бүтүрүү, будамайлоо. *Ооба, келе жаткан сары атчан Абайылданын өзү. Биринин тебетейин бирине кийгизген шум* (Осмоналиев). *Ал биринин тебетейин бирине кийгизип отуруп, өзүнө бүткөн эпчилдиги менен соодадан пайда чыгарды* (Абдукаримов). *Оңбогон Атабек! Бир чүкөңдү үчүлтүк кылып, биринин тебетейин бирине кийиштиресиң* (Жантөшев).

**БИРИНЧИ** 1. Бирдин иреттик саны. *Ардак такта атын жазса, Ал биринчи орунда* (Нуркамал). ‖ Алгачкы. *Укук жагынан болгон теңсиздик Совет бийлигинин биринчи күндөрүндө эле жоюлган* («Советтик Кыргызстан»). ‖ Мурда, оболу. *Эсте болсун ар качан эки нерсе, Биринчиси – эл алдында парзыңды эсте* (Үмөталиев). 2 Эң мыкты, эң жакшы, алдыңкы катардагы. *Эгерде саяпкери келишсе, ал боз ат Талас өрөөнү боюнча биринчи күлүк болушу да этимал* (Каимов).

**БИРИНЧИДЕН** Кандайдыр бир пикирлерди, пункттарды ирети менен санап белгилеп көрсөтүүдө колдонулат. *Биринчиден, ал сенин ойлоп чыгарганың* («Ала-Тоо»).

**БИРИНЧИЛИК** Биринчи орун. *Ал мылтык атуудан биринчиликти алып, ошол күнү зор кубанган* (Жантөшев)

**БИРКА** 1. Бир нерсенин сандык ирети менен белгиленген кичинекей таяк же тактай. 2. Товарга же багажга жазылган жазуулу тактайча.

**БИРЛЕШ** Биригишүү, бириктешүү, биримдикте болуу. *Колхоз, совхоз мал өстүрдү, Коомдошуп, бирлешип* (Осмонкул).

**БИРЛЕШТИР бирлеш** этишинин аркылуу мамилеси,

**БИРЛЕШҮҮ бирлеш** этишинин кыймыл атоочу.

**БИРЛИ-ЖАРЫМ бирди-жарым** менен бирдей.

**БИРЛИК** бирдик менен бирдей. *Ырыс алды – ынтымак, Бирликти койсок бир жерге, Катылып бирөө келеби* (Сейтек»).

**БИРЛИКТҮҮ бирдиктүү** менен бирдей.

**БИРМЕ-БИР** Бирөөгө бирөө туура келген абал, жекеме-жеке. *Анын ою душманын алаксытып, ат коюп кирип, бирме-бир салгылашууга тартуу* (Касымбеков). // Жеке-жеке, айрым-айрым, бир-бирден. *Аңызда калган баштарды бирме-бир терүү.*

**БИРОК** Айтылуучу ойдогу карама-каршылыкты, бири-бирине туура келбегендикти же айтылуучу ойго чек койгондукту билдирип, айрым жөнөкөй сүйлөмдөрдү тутумдаштырууда колдонулат. *Иштин тетири айланганын Айдай да сезди, бирок ачык түшүнгөн жок* (Каимов). *Өзүм ачка калсам калам, бирок сени мен эч нерседен кем кылбайм* (Байтемиров).

**БИРОТОЛО** Таптакыр, экинчи кайрылбагандай, бир жолу. *Салима мага эң жакыным да, биротоло колго тийгис жоголгон эң асылым да болуп көрүнгөнү көңүлүмдү оорутту* (Жакыпбеков).

**БИРӨӨ** 1. Бирдин жамдама саны. *Жакпаптыр кыздын эч бирөө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Айтылган жети мөрөйдүн Иштетпей бирөөн койбоймун* («Эр Төштүк»). 2. Кимдир бир адамды, кандайдыр бир кишини атын атабай көрсөтүүдө колдонулат. *Ышкынаалы бирөөнүн көңүлүн калтырып, чатакташып, чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров). ‖ Башка бир адам, бөтөн киши, чоочун адам. *Бирөөнүн тону тон болбос, Бирөөнүн аты ат болбос* («Манас»).

**БИРӨӨ-ЖАРЫМ** Бирин-экин, анча-мынча, бир аз, айрым бирөөлөр. *Сатыкул акжолдуктардан бирөө-жарымды көрүп калса, элбиреп-делбиреп кетет* (Касымбеков).

**БИРӨӨГӨ КҮН САЛУУ** *же* **бирөөгө күнү калуу** Кандайдыр бир маселе, иш, зарыл нерсе боюнча бирөөгө көз каранды болуу, бирөөнүн көзүн кароо. *Бирөөгө салган күн*

*курусун, көзүн караган сайын адамды куңкор кылып жиберет* (Жантөшев).

**БИРӨӨНҮН ОТУНА ЖЫЛЫНУУ** Бирөөгө көшөкөрлөнүп, жагынып, анын аркасы менен жеңил жашоого аракеттенүү, эпчилдик кылып, бирөөнүн аркасы менен күн көрүү. *Ал бирөөнүн отуна жылынып, күн көргөндү жакшы көрөт* (Бейшеналиев). **В.: Бирөөнүн отуна алаканын кактоо.** *Бир убакта те башка «күн тийген» жакта, башка бирөөнүн күйүп турган отуна алаканын кактап, аны баягы сени мактаган сөз менен мактап, сени ушактап, анын жылуу күнүнө суу канатын жайып курганып, жан багып отурганын көзүң чалат* (Касымбеков).

**БИРӨӨНҮН ЭТЕГИН КАРМОО** Бирөөлөрдүн аркасы менен күн көрүп, колдоого эгедер болуу маанисинде.

**БИРТИКЕ** Бир аз, кичине, бир пас, азыраак, анча-мынча. *Биртике баса түшсө, төмөн созулуп кеткен кыраң* (Таштемиров). *Биртике көздөрү илиндиби, жокпу, кайра чочуп, ойгонушту* (Сасыкбаев).

**БИРЭЭР** *туурасы:* **бирер.**

**БИРЮЗА** Көгүлтүр же жашыл түстөгү баалуу таш.

**БИС** Артисттин дагы кайталап аткаруусун сурап, талап кылууда колдонулат. *Бис деп кыйкырып жатышты.*

**БИСКВИТ** Жумуртка, сүт, кумшекер кошуп жуурулган камырдан жасалган көпшөк, жумшак нан.

**БИСМИЛЛАХ** *дин.* 1. Ар кандай иштерди баштоо, тамак ичердин алдында ж. б. учурларда мусулман дининдегилер тарабынан «Кудайдын, алданын ысмы менен» деген мааниде айтылып колдонулат. 2. «Бисмиллахирахманиррахим» түрүндө Курандын сүрөөсүнүн жана дин китептеринин, диндик мааниде, стилде жазылган каттардын ж. б. башкы сөзү катарында колдонулат.

**БИССЕКТРИСА** *мат.* Бурчту тең экиге бөлгөн түз сызык. *Биссектриса жүргүзүү.*

**БИСТЕ** **мисте** менен бирдей. *Ак сакалы чүштөдөй, Устукан сөөгү бистедей, Ак сакал Бакай карыя* («Манас»). *Муруну борум бистедей, Аппак эти чүштөдөй* (Тоголок Молдо).

**БИСТРО** Европа өлкөлөрүндөгү кичинекей ресторан.

**БИТ I** Адамдын жана айбандын канын соруп жашоочу мите. *Асырап, багып жүрбөсө, Атасы сирке, бит болот* (Токтогул). *Битке өчөшүп, көйнөгүңдү отко салба* (макал).

**БИТ II** Тамеки сабагынын уч жагындагы урук түйүлдүгүн пайда кылуучу майда бутактар. *Тамекинин бити.*

**БИТ III** *комп.* Ар бир off же on абалдарынын сандык маанилери 0 же 1 экилик разряддын бири аталат жана компьютерде иштетилүүчү берилиштерди өлчөөнүн эң кичине бирдиги болуп эсептелет.

**БИТ IV** *зат.* Информатикада маалыматтын (информациянын) санын өлчөөчү бирдик.

**БИТ СЫГАРГА АЛЫ ЖОК** Абдан алсыз, өтө начар, үлдүрөп араң турган. *Кемпир үлдүрөп бит сыгарга алы жок, үнү кыңылдап сулдөрү эле калган* (Ш. Үмөталиев). **В.: Бит сыгарга каруу жок.** – *Байтак, сен кечээ жакында эле кекиликтей тың элең, бүгүн жүрүшүң андай эмес го. Бит сыгарга каруун жок шалдайып калыпсың* (Ш. Үмөталиев).

**БИТ СЫККАНДАЙ КӨРБӨӨ** *к.* **кабыргасын бит чакканча көрбөө.**

**БИТ ЧАККАНЧА КӨРБӨӨ** *к.* **кабыргасын бит чакканча көрбөө.**

**БИТЕДЕЙИНЕН** Кичинесинен, кичинекей кезинен, тырмактай кезинен. *Битедейинен бирге өсүшкөн.*

**БИТЕКАРЫН** Колунан эч нерсе чыкпаган, жеткен сараң, зыкым, битир. *Дүнүйөгө көзү тойбогон бите карын байлар, эми кантип жаны калып жатат экен* (Элебаев).

**БИТЕКАРЫНДЫК** Сараңдык, битирлик, зыкымдык. *Битекарындык кылуу.*

**БИТИ-БИТИНЕ БАТПОО** Бир нерсеге өтө кубануу, сүйүнүү. *Уулунун аскерден келатканын угуп, эне байкуш бити-битине батпайт* («Ала-Тоо»). *Накта Айдана экенине көзүм жеткенде бити-битиме батпай, өзүмдү коёрго жер таппай, жадырап турам* («Ала-Тоо»). *Сүйлөшкөн сөздөрүбүздүн баарын ичимден кайталап, бити-битиме батпай, көз алдыма келтирем* («Ала-Тоо»). *Уулунун окууга өткөнүн угуп, Сагын карыя бити-битине батпай сүйүндү* («Ленинчил жаш»).

**БИТИК** Жазуу, кат, чыгарма. *Бул оңбогон сөздү мына ушул эле Долоноту айлында мурда казы болуп, бий болуп жүргөн Сулайман деген кат тааныган битикчи неме чыгара койгон экен* (Акматов). – *Битик жазсам, жооп бересиңби, эрке кыз?* (М. Абакиров).

**БИТИН СЫГЫП КАНЫН ЖАЛАГАН** Абдан зыкым, барып турган сараң. *Битин сыгып, канын жалаган байлар зили-түбү жарыбайт го* (Жантөшев). – *Ушул жерден битин сыгып, канын жалаган байлардан көрө, пас жактан анча-мынча бир нерсе табууга мүмкүн экен* (Абдукаримов). *Ал жеткен көр жемечи жана айласыз битир. Мындайча айтканда, битин сыгып, канын жалаган сараң* (Алыбаев).

**БИТИНА** Арамзалык, бүлгүн.

**БИТИР I** Сараң, катуу баш, ач көз. *Жузбай жетишерлик малы болгону менен өтө битир киши эле* (Каралаев).

**БИТИР II** *дин.* 1. Орозонун токтолушу. 2. Орозо ай бүткөн кезде киши башынан алынган садага. *Орозодо молдолор опулда-*

*шат битирге* (Токтогул). *Мажурдун зекет, битир сыяктуу жыйымдарга да сараңдык кылганын айтышчу* (Абдукаримов).

**БИТИРЕ** Саранданyу, катуу баш болуу, калтырап, колунан чыгаргысы келбөө. *Бай курсун битирейт, Малайдын акын бүт бербейт* (Токтогул).

**БИТИРЕК** Катуу баш, сараң.

**БИТИРӨӨ битире** этишинин кыймыл атоочу.

**БИТКОР** Биттээк, тез биттеп кете турган, биттүү. *Жакын жатпа биткорго* (Токтогул).

**БИТТЕ I** Бычуу, энин алып салуу. *Кочкорун биттеп ирик кылган, Коюңдун баарын түрк кылган* («Манас»).

**БИТТЕ II** Бит басып кетүү. *Күндүр-түндүр мал артынан сенделип, Жабыркады жаман тону биттеди* (Бекөнбаев).

**БИТТЕ III** Тамекинин битин алуу, жулуп таштоо.

**БИТТЕЙ** Абдан кичине, тырмактай кичине. *Бул жигитти биттей кезинде көргөн элем, азыр азамат болгон тура.*

**БИТТЕЙИНДЕ биттейинен** менен бирдей. *Жаныбарым Чалкуйрук, Биттейинде биригип, Бармактайдан баш кошкон* («Эр Төштүк»).

**БИТТЕЙИНЕН битедейинен** менен бирдей. *Биттейинен бирге өсүшкөн балдар.*

**БИТТИН АЧУУСУН СИРКЕДЕН АЛУУ** Алы жетпегендин өчүн, алы жеткенден алуу. *Жутуп жиберчүдөй Тананы акырая карап «биттин ачуусун сиркеден алатка» жеңдирип: – Чап! – деп калды* (Үмөталиев).

**БИТТИН ИЧЕГИСИНЕ КАН КУЙГАН** Өтө бышык, абдан тың, эң эле эпчил. *Ал биттин ичегисине кан куйган, шуулдаган жигит эле* (Сыдыкбеков).

**БИТТӨӨ битте I** этишинин кыймыл атоочу.

**БИТТӨӨ битте II** этишинин кыймыл атоочу.

**БИТТӨӨ битте III** этишинин кыймыл атоочу.

**БИТУМ** Чайыр сыяктуу кара нерсе, курулушка, жолго ж.б. төшөө үчүн колдонулат.

**БИФУРКАЦИЯ** 1. Экиге айрылуу, экиге бөлүнүү, эки ачалануу, мис. анатомияда кекиртек түтүгүнүн эки бронха түтүгүнө ажырашы. 2. Жарылуу чекити. Синергетика илиминде ар кандай саясий, социалдык шарттардан улам коомдогу жарылууну белгилөө үчүн колдонулат.

**БИФШТЕКС** Эттен жасалган тамактын бир түрү.

**БИЦЕПС** Каруу, жамбаш, балтырдагы жумуру булчуң.

**БИЧИК** 1. Калмактардын диний ыйык китеби (эпостордо). *Чочкодон төрттү союшуп, Бичикти төшкө коюшуп* («Манас). 2. Жазуу, кат. *Бичик чийип, кат коюп, Манастын атын бурмалап* («Манас»).

**БИШАРАТ башарат** менен бирдей. *Олтуруп кожо зарлаган, Бишараты болгончо* («Манас» С.О.). *Анда Манас муну ойлоп, Алдам бердиң, бишарат, Аң уулап мында келишим, Аңдасам артык ишарат* («Манас»).

**БИШКЕК** Кымыз бышуу үчүн, айрандын, каймактын майын алуу үчүн колдонулуучу бышкыч курал. *Кымыздын ийи бишкекте* (макал). *Кымызды бишкек менен жакшылап бышса сонун кымыз болот.*

**БИШКЕКТЕ** Бишкек менен бышуу, ургулоо. *Бишкектеп жаткан чоң саба күбүрдөй удургуп сөздү толук угузбайт* (Токомбаев).

**БИШКЕКТЕТ бишкекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**БИШКЕКТЕШ бишкекте** этишинин кош мамилеси.

**БИШКЕКТӨӨ бишкекте** этишинин кыймыл атоочу.

**БИЯБАН** Суусуз, ысык чөл, какшыган кумдуу талаа. *Ой биябан чөл жерде* («Манас» С.О.). *Кум – биябан бир чөлдө.* («Манас» С.О.). *Эл оозунда ал эрте кыйылган жаш өмүр, мүрөк суусундай таза, наристе сүйүүнүн эстелиги катары али күнү турат дейт, уч-кыйырсыз биябан орто сересинде* (Даникеев). *Күндүк жерге жетиптир, Бир биябан талаага* («Манас»).

**БИЯК** Бу жак, берки жак, өзү жак тарап. *Кантип сен биякка келип калдың? – деди Алымкул* (Абдукаримов).

**БЛАНК** Зарыл маалыматтарды алуу максатында даяр тексттер басылган, калган бөлүгү толтурууга ылайыкталган баракча. *Справканын бланкасы. Почта аркылуу акча жиберүү бланкасы.*

**БЛЕФ** Куру кыйкырык, калп опуза.

**БЛИН** Унга жумуртка, сүт кошуп, суюгураак кылып чалып, табага жупка сыяктуу бышырылган тамактын түрү. *Сергей май салдырып блин жегенди жакшы көрчү* (Сыдыкбеков).

**БЛИНДАЖ** Авиабомбадан, артиллериянын, миномёттун огунан коргонуу үчүн үстү калыңдап жабылып жасалган, жашынууга ылайыкталган жай. *Көрүнөт дүмпүйүшкөн блиндаждар, Окшотуп дөңсөөлөргө үстүн жапкан* (Үмөталиев). *Блиндаж чоң бөлмөдөй бийик, кенен, Казылган чеп кургандай жер алдынан* (Үмөталиев).

**БЛИНТ** Полиграфияда китептин мукабасына ысытылган калып аркылуу жазуу же коозлук түшүрүүчү темир.

**БЛИНЧИК блин** менен бирдей.

**БЛИЦ** Кыскартылган мөөнөттө өткөрүлүүчү шахмат партиясы же шахмат мелдешүүсү; кыска мөөнөттүк таймашуулар.

**БЛИЦКРИГ** *саяс.* Өтө эле кыска мөөнөттө душманды толук жеңүүгө эсептелинген

согуш жүргүзүү теориясы.

**БЛОК I** 1. Биргелешип чогуу аракет кылуу максатындагы мамлекеттердин, уюмдардын, партиялардын, топтордун бирикмеси. *Коммунисттер менен партияда жоктордун блогу.* 2. Ич ара бир нече элементтен же тетиктен турган кандайдыр бир курулуштун, нерсенин бөлүктөрү, секция. *Эшиктин жана терезенин блоктору.* 3. Бетон аралашмасынан ж.б. жасалган чоң көлөмдүү кирпич түрүндөгү курулуш материалы. *Шлакобетон блоктору.*

**БЛОК II** Өз огунда айлануучу чыгырык сыяктуу тетиктин таманындагы кобулу аркылуу жип, аркан, чынжыр ж.б. өткөрүп ороп айлантуу, жолу менен жүктү көтөрүүгө ылайыкталган жөнөкөй механизм.

**БЛОК-КОМНАТА** Курулуучу имаратта бөлмө сымал конструктивдүү монтаждуу элемент.

**БЛОК-КОРПУС** Жалпы милдетке бириккен бир канча бөлүмү бар имарат.

**БЛОК-СЕКЦИЯ** Монтаждоодо же башка элементтерди чогултууда бир нерсени бириктирүүчү конструкциялоочу даяр элемент.

**БЛОК-СХЕМА** *комп.* Маселени чыгаруу чечимдин алгоритмин график түрүндө көрсөтүүчү долбоорлоо.

**БЛОКАДА** 1. Курчоо. Согуштук базаны, армияны, крепостту, шаарды негизги бөлүгүнөн ажыратып, аны баш ийдирүүгө курчап алып, же кыймылын токтотууга жасалган аракет. *Душмандын блокадасынын каардуу мезгилдеринде ленинграддыктар бир минута да өзүлөрүн алыс сезишкен жок* («Советтик Кыргызстан»). 2. *өт.* Саясий же экономикалык жактан кандайдыр бир мамлекетти обочолонтуп коюу максатында саясий кысым көрсөтүү чараларынын системасы. *Саясий блокада. Экономикалык блокада.* 3. Кайсы бир органдын же системанын иш-аракетин токтотуп коюу.

**БЛОКАДАЛА** Блокада уюштуруу, блокадага алуу.

**БЛОКАДАЛОО** **блокадала** этишинин кыймыл атоочу.

**БЛОКИРАТОР** 1. Бир проводдуу линиядагы ар башка номерлери менен эки телефондун байланышы, башкаларга көз карандысыз болгон курал. 2. Коопсуздук абалды алдына алууда механизм, машина, прибор ж.б. токтотуу куралы.

**БЛОКНОТ** Айрып алууга ылайыкталып жасалган дептерче. *Сергей чачын сылап коюп, колундагы блокнотко өлчөнгөн метрлердин эсебин тиркейт* (Сыдыкбеков).

**БЛОКПОСТ** Жолдун белгилүү бир бөлүгүндөгү блокировкалоо каражаттарды башкаруу посту.

**БЛОНДИН** Ак саргыл чачтуу киши, ак жуумал.

**БЛОНДИНКА** Ак саргыл чачтуу аял киши, ак жуумал.

**БЛУЗА** Этек жагы шымдалбай кийиле турган кенен көйнөк.

**БЛУЗКА** Жеңил кездемеден тигилген, аялдар юбка менен кийүүчү көкүрөк көйнөк.

**БЛЮЗ** Афро-америкалыктардын лирикалык жанрдагы джаз музыкасы.

**БОБ** Узунча кеткен кабыктын ичинде дан байлоочу буурчак өсүмдүгү.

**БОБЕРЕГИ** Мына бул, береги. *Устанын бобереги тентегин жерге жугузбай мактап жүргөн* (Бейшеналиев).

**БОБРИК** Сырт кийимге ылайык түктүү сукно, түктүү сукнонун бир түрү.

**БОБСЛЕЙ** Тоонун жогору жагынан муз жол, трасса менен өтө чоң ылдамдыкта чана менен түшүүчү спорттун түрү.

**БОБУ** Мына бу. *Бобу коргондогу Чачыкей, Кырк балбанды чакырып* («Сейтек»).

**БОГДЫХАН** 1 Олуя, ыйык. 2. Улуу даражалуу.

**БОГОК** 1. Ээктин алдындагы эттин көбүңкү тартып же саландап турган бөлүгү. *Сеилкандын аппак богогу салаңдап, эткел тартып кыймылы жай* (Сыдыкбеков). 2. Калкан бездеринин өсүп кетишинен алкымда пайда болгон оору. *Бул безден пайда болуучу оорунун дагы бир түрү богок оорусу* («Ден соолук»). *Керимахундун бужугур кара сакалынын алдындагы богогу ыксыз балкылдады* (Жантөшев). 3. Эгиндин баш алууга жакындаганда сабагынын учунда пайда болгон дан байлоочу бөлүгү. *Буудай тегиз богок байлап калган кез эле* (Абдумомунов).

**БОГОКТУУ** 1. Богок оорулуу болуп, богогу чоңоюп кеткен. 2. Ээк алдында эттенип, билинип турган богогу бар, богогу салаңдаган. *Анын бирөө арык чырай жаш аял, экинчиси богоктуу, толмоч келген кемпир* (Баялинов).

**БОГОО** Кишен. *Буурул атта богоо болсо, аны кесер өгөө да болот* (Токомбаев).

**БОГООЗ** Шалпып сүйлөй берген, уят сөздөрдү көп айта турган. *Богооз киши.*

**БОГООЛО** 1. Богоо салуу, кишен салуу, богоо менен тушоо. 2. *өт.* Кул кылуу, аргасыз кылуу.

**БОГООЛОН** **богооло** этишинин өздүк мамилеси.

**БОГООЛУУ** Богоо салынган, богоолонгон.

**БОГУНА КУУРАЙ САЯ АЛБОО** Кимдир бирөө менен теңтайлаша албоо, катылууга даай албоо, сес көрсөтө албоо, теңтайлашуу колунан келбөө. *Анын богуна куурай сая албайт.*

**БОДИБИЛДИНГ** **культуризм** менен бирдей. Булчуңдарды чыңдоо, өстүрүү боюнча спорттун түрү.

**БОДО (бодо мал)** 1. Уйлардын (торпок, өгүз, кунаажын, саан уй ж. б.) жалпы аталышы. *Баш-аягын санаса, баары отуз эки*

*баш бодо* (Бейшеналиев). *Кыштын күнү бодо мал жылкы менен койго окшош Тескейден тээп чөп, жебейт* (Үсөнбаев). 2. Жалпы эле ири мал (уй, жылкы, төө).

**БОДОН** Кара мал, бозон торпок. *Ойроттор орустун амалына көнүп, ант берип, бодону болуп оозуна өзлөрү кирип беришкен* (Касымбеков).

**БОДУР** 1. Тегиз эмес, уңкул-чуңкулу көп, борчук-борчук болуп турган, бодуракай. *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов). *Каныбек бодур таштуу кичинекей кырчага карай жүгүрдү* (Жантөшев). 2. Будур, дөңчө жер. *Бодурда бугу маарашат, Музоосу басса жарашат* (Осмонкул).

**БОДУРАЙ** Бодур-бодур көрүнүштө болуу, бодуракай болуу. *Бети бодурайып чаар.*

**БОДУРАЙТ бодурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОДУРАКАЙ** Жылма же тегиз эмес бодурайган, бодур-бодур. *Бодуракай чаар киши.*

**БОДУРАЮУ бодурай** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЁ** Боёкко салуу, чылоо же кандайдыр бир боёк эритиндиси аркылуу белгилүү бир түскө келтирүү. *Терини боёп, сары тон жасады. Ак кездемени карага боёду.* // Өң берүү, кандайдыр бир түстүү нерсени сүртүү, сүртүп жугузуу. *Ал эми эриндерин боёй баштады* («Ала-Тоо»). *Ашым бармагын боёду* (Абдукаримов). ‖ Сыр же башка майлоочу боёктор менен сырдоо, майлоо. *Эшик, терезелерди көк сырга боёду.*

**БОЁК** 1. Белгилүү бир түс берип боёо үчүн колдонулуучу химиялык зат. *Каштай тунук сууга кара боёк салса, суу карарбайбы?* (Жантөшев). 2. Сыр. *Кайыктын ичитышы кызыл боёк менен боёлгон* (Жантөшев).

**БОЁКЧУ** 1. Боёо иштерин иштөөчү. *Кызыл, жашыл, көк кылып Борумдаган боёкчу* (Токтогул). *Боёкчу, боёкчу десе, атасынын сакалын боёптур* (макал). 2. Боёк сатуучу. *Боёкчудан боёк алуу.*

**БОЁКЧУЛУК** Боёкчунун кесиби. *Иштеген иши боёкчулук.*

**БОЁЛ боё** этишинин туюк мамилеси. *Өтө кооз боёлуп, Тунуке менен жабылган* (Осмонкул).

**БОЁЛУУ** Боёлгон, боёкко салынган.

**БОЁМО** Боёкко боёлгон, жасалма, чыныгы эмес. *Боёмо кездеме.*

**БОЁМОЛО** Будамайлоо, чындыгын жашырып, башкача көрсөтүү. *Боорукерсип манаптар, Боёмолоп келчү эле* (Токомбаев).

**БОЁМОЛОО боёмоло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЁН боё** этишинин өздүк мамилеси. *Түрүн бузуп, боёнуп, Жаман кийим кийинип* («Мендирман»).

**БОЁО боё** этишинин кыймыл атоочу. *Карага боёо. Кызылга боёо.*

**БОЁТ боё** этишинин аркылуу мамилеси. *Үшүп баратсам, үйдө ышкын түпкө боёткон сары тонум бар* (Бейшеналиев).

**БОЁШ боё** этишинин кош мамилеси. *Тон боёшуп жардамдашуу.*

**БОЖОМОЛ** Болжол, жоромол, ачык болбогон ой, пикир. *Бул биздин божомолубуз, болбосо, эч дарегин билбейбиз* (Жантөшев).

**БОЖОМОЛДОО** Болжолдоо, жоромолоо. *Кемпир мукактана түшүп, божомолдоп жооп берүүгө ашыкты* (Бектенов).

**БОЖУ** Арабага кошулган атты оңго, солго буруп же тартып токтотуу, башкаруу үчүн колдонулуучу боо. *Кабыл алдыңкы эки аттын божуларын колуна алды* (Элебаев). *Базарбай аттардын божуларын силкип, камчы үйрүп, ылдамдатып койду* (Элебаев).

**БОЖУР** Майдалап божурап айтылган сөз. *Батийна тигил молдонун божурун укканда бүткөн бою «дүр» этип, калтаарый түштү* (Сыдыкбеков). ‖ Божурап көп сүйлөөк. *Божур Жантык абышка да бар* (Сыдыкбеков).

**БОЖУРА** Кобурап же акырынныраак үн чыгарып сүйлөө, майдалап жайынча сүйлөй берүү. *Бала кыялданган байкуш кары дагы божуради* (Сыдыкбеков). *Умсунай эне божурап, уулун ээрчий бир кыйла жерге чейин барды* (Сасыкбаев).

**БОЖУРАК** Божурап көп сүйлөгөн. *Ал ошондой божурак неме.*

**БОЖУРАТ божура** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЖУРАШ божура** этишинин кош мамилеси.

**БОЖУРОО божура** этишинин кыймыл атоочу. *Сапар кулагына дейре кызарып божуроодо* (Бейшеналиев).

**БОЗ I** 1. Ак менен караны аралаштырганда пайда болгон, ачык эмес чаңгыл түс, бозомук агыш түс. *Көгөргөн чөпсүз боз талаанын боз топурагы белден бурайт* (Жантөшев). *Бир маалда боз чепкенин желбегей жамынып, кепичти жалаң кийип, бирөө чыкты* (Бөкөнбаев). 2. Ак же агыш түс (жылкыга карата). *Жылкыны ак деп айтпайт, балам, боз дейт* (Алыбаев). *Бир боз ат келген жолуна салып кайра жөнөп калды* (Жантөшев). 3. Мунарык. *Чүйдүн талаасына боз түшүп турду* (Бөкөнбаев). *Тоо башын боз чалып кар сампарлоодо* (Касымбеков). 4. Чөп өспөгөн талаа. *Боздон тоодак куткарбас Боз ала шумкар Манасым* («Манас»). *Тоодакты шайлап бий кылсак, Бозго кетет бөлүнүп* (Тоголок Молдо). 5. Бой тартып өсүп эр жетип калган жаштардын курагын, бозойлук куракты билдирүүдө колдонулат; *Кыз-келин менен өң боз бала көлдүн кылаасына чыгышты,* (Сыдыкбеков). *Түн ичи, ай асманда жарык берген, Келин-кыз, боз уландар баары келген*

(Шамшиев). *Оозунан жерге түшүп айтар сөзү, Калышчу боз жигиттер тердеп, сүрдөп* (Абдыраманов).

**БОЗ II** Безүү, качуу. *Азаптан бозуп, армандуу Айланып Током келген жер* (Токомбаев). *Кетем десе эле кетип, бозом десе эле бозуп кетмек беле, – деди Кыдырбай* (Сыдыкбеков).

**БОЗ АЛА БОЛУУ** Ыза болуу, ызалануу, уят болуу, өкүттө калуу. *Алымбай боз ала болуп, жерден оонап туруп жатканда, Батийнанын күлкүсү угулду* (Сыдыкбеков). *Атамды мактайт ко деген ойдо турган байдын уулу боз ала болуп туруп калат* (Баялинов). *Бая күнү Тоокем айткандай, боз ала болуп калып калдым* (Кыдырмышев). *Ошентип, Эргеш окуткан окуучуларынын алдында боз ала болуп кала берди* («Чалкан»).

**БОЗ АЛА КЫЛУУ** Бирөөнүн шагын сындырып уят кылуу, ыза кылуу. *Айланасындагы бир кочуш кишинин азыноолак бакырларын кубантып, көбүрөөк жакынын боз ала кылып өкүнттү* (Бейшеналиев).

**БОЗ БАЛА** Ар нерсенин жөн жайын анча түшүнө элек, чоңоюп, бой тартып келаткан, жигиттик куракка анча жете элек жаш бала. *Кыз-келин менен өң боз бала көлдүн кылаасына чыгышты* (Сыдыкбеков). *Алардын көзүнө мен боз бала, капарларына илип тоотушпайт* (Бейшеналиев). *Боз бала, жигит аралаш, Кыз-келин менен жарышып* («Сейтек»).

**БОЗ БАШ** *к.* **боз бала.** *Беш жолдошуң бар экен, Бешөө тең боз баш бала экен* («Саринжи-Бөкөй»). *Жакында Кулжыгачтан келген бир боз баш бала элчи, дал ушул өзүң олтурган үйдө болуп, килемге чок чачты* (Осмоналиев). *Айтор, мурунтугу бош боз баштар мындай турсун, эр ортону көк ала сакалдарга чейин тигил мактоону кулак түрүп угушат* (Сыдыкбеков).

**БОЗ КОЙДОН МОМУН** *к.* **ак койдон аңкоо, боз койдон момун.**

**БОЗ КУШТАРЫ** *аңч.* Тоодо, боздо жашоочу куштар: чил, кекилик, бөдөнө, тоодак, кара кур ж.б.

**БОЗ КЫРОО** 1. Күз убак, кеч күз. *Элдин алды уктады, Боз кыроо убак түн кыска* (Токтогул). 2. Кеч күздө түшкөн бубак, кыроо. *Жер боз кыроо тартып калган* («Ала-Тоо»). *Боз кыроо жаңы түшкөн* (Бектенов).

**БОЗ ТҮШҮҮ** Тумандуу, мунарык. *Ошол асман менен жердин кошулган жериндеги дайыма күндүн нуруна жаркырап турчу аппак тоонун башын көрсөтпөй боз түшүп басып калган эле* (Жусубалиев).

**БОЗ УЛАН к. Боз бала.** *Бокен анда боз улан. Мүмкүн ушу кызга биринчи жолу ашык болушудур* (Каимов). *Боз улан кезимде, шаарда окууну бүтөр жылы жатакананы таштап кетип калдым* (Жусупов).

**БОЗ ҮЙ** Бир катар көчмөндүү элдердин үстү кийиз менен (үзүк, туурдук) жабылган, негизи кереге, уук, түндүктөн турган үйү. *Кандай сонун дегиң келет, Биз чоңойгон боз үйдү* (Токомбаев). *Түндүгүн тартса булактап, Боз үйдүн көркү келинде* («Мендирман»).

**БОЗ ЧАМБЫЛ** Киргил, тунук эмес, ылайланган. *Чүйдүн боз чамбыл болуп күкүктөп, кирип жаткан суусу ат арабаларыбызды агызган күндөр да болду* («САЖИ»).

**БОЗГУЛ** Бозомук. *Бозгул тартып калуу.*

**БОЗГУЛТ бозгул** менен бирдей. *Бозгулт сур.*

**БОЗГУН** Качкын. *Бозгун болуу. Бозгун эл.*

**БОЗГУНЧУ** Бозуп тентиреп жүргөн киши, качкын. *Ким билет, жаш болсо да мага окшогон бозгунчу бекен* (Токомбаев).

**БОЗГУЧ** *диал.* Бозомук. *Бозгуч өңдүү күрмө кийген Миргүл алыстан таанылат.*

**БОЗДО** 1. Жоктоп, издеп муңкана үн салуу (төөгө карата). *Кылчаңдап улам боздосо, Ингендин көркү тайлакта* (Токтогул). *Боздоп келип чакырат Ботолорун төөлөрү* (Токомбаев). 2. Буркурап муңдуу ыйлоо. *Колу сынып кокуйлап, Боздоп жаткан андан көп* («Эр Табылды»). *Жашыңды төгүп боздобой, Жалгызыңды жашыргын* («Семетей»). // Муңкануу, зарлап какшоо. *Боздогонду билбейсиң, Лөлүкан, мынча бооруң таш* (Барпы). *Боздосом да жеткирбей, Бой саласың башкага* (Осмонов).

**БОЗДОК** Үйлөнө элек жаш жигит, бозой. *Жасана кийинген кыз-келиндер шарактап, боздоктор менен жигиттер аларды шынаарлап, элечекчен зайыптар зыңкыйа басып, ата сакалы бүткөндөр менен карыялар жай бастырып аңгеме дүкөн куруп айтташкан.* (Абакиров).

**БОЗДОО боздо** этишинин кыймыл атоочу. *Даша түндү жарып ансайын боздоодо* (Сасыкбаев).

**БОЗДОТ боздо** этишинин аркылуу мамилеси. *Боздотуп чалга жөнөткөн Атама жетсин убалым* (Тоголок Молдо).

**БОЗДОШ боздо** этишинин кош мамилеси.

**БОЗДУР боз II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЗО** Таруу, буудай, жүгөрү сыяктуу эгиндердин шагынан кайнатылып, угут кошуп ачытылган жана жылуу суу куюп сүзүлгөн, бир аз кызытуучу күчү бар ачкыл тамак, ичимдик. *Балам, ичкиң келип турабы, Мында бозонун жыты буркурайт* (Токтогул). *Төкмө болгон жерде бозо ичимдиги да болот* (Абдукаримов).

**БОЗОЙ** Кырчын жаш жигит, боз улан. *Кызыл-тазыл селкилер, мала калпак бозой-*

*лор шаракташып, чар тараптан маданий борборун карай агылууда* (Бейшеналиев). *Кармасам дейт жаш бозой Козо терген колуңдан* (Үмөталиев).

**БОЗОК** Басынтуу. *Жетим-жесирлерди бозок кылгысы келет* (фольк.).

**БОЗОКАНА** *диал.* Бозо салып сатуучу үй, дайыма бозо ичиле турган жер. *Бозокана мейлисте болду сенин жаңжалың.*

**БОЗОКОР** 1. Бозо салып сатуучу, бозочу. *Шабыраалы ошол бозокордукуна кетти* (Байтемиров). 2. Бозону көп ичкен, бозодон калбаган киши. *Бозокорлор «бали» дешип чурулдайт* (Үмөталиев).

**БОЗОМТУК бозомук** менен бирдей. *Кулпунган жашаң ойдуңдун чет-чети бозомтук* (Бейшеналиев).

**БОЗОМУК** Бозорунку, кубарыңкы, өчүңкү тарткан өң, мунарык, тунарыңкы. *Ыргалган буудай өсүмдүгүнө бозомук чаң чөккөн* (Сыдыкбеков). *Асман бозомук болуп тунарып, үп болууда* (Сасыкбаев). *Карыя мен жакка бурулуп, бозомук, нурсуз көзүн мага кадады* («Ала-Тоо»).

**БОЗОҢ** Боз, бозоруңку, бозомук. *Бозоң кырдан Жанга жагым үн салган* (Бөкөнбаев). ‖ Бозоруңку, тунарыңкы. *Уйкудагы бозоң көзүм Умаштанды, ачылды* (Бекөнбаев).

**БОЗОҢКУ** Бозоргон, бозомук, мунарыктаган. *Ашыр боордун бозоңку саргыч топурагын чаңдата шахтанын нак, желкесинен келүүдө* (Сасыкбаев).

**БОЗОПУРУШ** Бозо сатуучу, бозочу. *Өзү барып дарыяга таштасын, А биз кеттик бозопуруш сокурга* (Байзаков).

**БОЗОР** 1. Кубаруу, боз тартуу, өңү өчүү. *Так ушул жер сейрек чийлүү, чаң учкан Мейкин болчу жашаңы жок, бозоргон* (Токомбаев). 2. Тунаруу. *Ачкан көзүм бозоруп, эсим ооп калыптыр* (Жантөшев). 3. Томсоруңку суз тартуу, өкүттө калуу. *Карындашымдын жалгыз бозоруп, ыйлап отурганы жаныма далай баткан* (Элебаев).

**БОЗОРТ бозор** этишинин аркылуу мамилеси. *Бозортпогун Жалгызды, Боздотпогун байкушту* («Саринжи-Бөкөй»).

**БОЗОРУҢКУ** Бозомук тарткан, кубарыңкы, кумсарыңкы. *Бозоруңку көрүнгөн Аштыгым айдар жер ошол* («Манас»).

**БОЗОРУУ бозор** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЗОЧУ бозокор** менен бирдей.

**БОЗУМ** Эки жашар, биринчи түлөгөн алгыр куш же бүркүт. *Саятчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул). *Бозум кушуң салгансып, Эл четине конгонсуп* («Эр Табылды»).

**БОЗУНАЧ** *диал.* Чай ордуна колдонулуучу чөп. *Аркар оту, бозунач, Ак кийиктер тиштеген* (Тоголок Молдо).

**БОЗУҢКУ** Бозоруңку. *Бозуңку түтүн тамдын төбөсүн көздөй кетүүдө* (Сасыкбаев). *Өңү өгүнкүдөн бозуңку тартып калыптыр.*

**БОЗУУ боз** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙ** 1. Адамдын, айбандардын денесинин тике турган абалдагы бийиктиги. *Туурасы жоон, бою пас. Келберсиген чоң Жолой* («Манас»). *Орто бой, кырдач мурун, кара тору, Келишкен сулуу жигит көрсөң сырттан* (Үмөталиев). ‖ Бир нерсенин тикесинен эсептегендеги узундугу. *Тереңдиги чуңкурдун Кырк аркан бою ор экен* («Эр Төштүк»). II Дене, тулку, келбет. *Айбатынан ошонун Адамдын бою дүркүрөйт* («Эр Төштүк»). *Бою сындуу, бети нурдуу* (Сыдыкбеков). 2. Адамдын жалгыз өзү; өзүнүн керт башы, жалгыз, үй-бүлөсү жок. *Ашыр кенде турак үй жоктуктан, убактылуу бой туруп калган* (Сасыкбаев). *Кара жанга күч келип, Катыны жок бой бактың* (Тоголок Молдо). 3. Көлдүн, суунун, жолдун ж. б. жээги, жаны. *Атыр жыттуу боюңда Жүргүм келет, Ысык-Көл* (Токомбаев). *Арыктын боюна, талдын көлөкөсүнө олтуруп, кечке чейин карап, күтүп отурдум* (Айтматов). 4. *жанд. м.* Атооч жөндөмөдөгү атооч сөздөрдү жандап мезгил өлчөмүн, чегин билдирүүдө колдонулат. *Жалчылар ийни бүтүн бөз көрбөй, өмүр бою зардап өтүшчү* (Сыдыкбеков). *Түндө түнү бою эки карышкыр камады* (Жантөшев). *Ыйлаак өткөн жазда бир ай бою Мамырдыкына барып жүрдү* (Байтемиров).

**БОЙ БЕРБӨӨ** Баш ийбөө, моюн сунбоо, ыркына көнбөө. *Бул жолу да энем кайнилерине бой бербеди* (Сыдыкбеков). *Бой бербей алда нече азгырганга, Бүтүргөн чоң шаардан окуу жайын* (Маликов). *Ал акып-такып, кекетип-мокото берди. Бирок мен да бой бербедим* («Ала-Тоо»). *Бура тартып булкунуп, Алмамбетке бой бербей* («Манас»).

**БОЙ ЖЕТҮҮ** Чоңоюу, өспүрүм курагына келүү, жетилүү. *Паризек бой жеткенде ноoту фабрикасына бир аз иштеди* (Ашымбаев). *Мугалим бой жеткен эркек жана кыз балдардын кээ бирөөлөрү менен аңгемелешти* («Мугалимдерге жардам»). **В.: Бой тартуу.** *Эки бирдей уулу бой тартып, кол арага жарап, жарыша чоңоюуда* (Бейшеналиев). *Бой тартып өсүп калган кезинде өзү курдуу балдар менен Крымга, Атекке барганы эсинде* (Сыдыкбеков). *Музооке эр жетип, бой тарткан колуктусун көрүп жактырат* (Бейшеналиев).

**БОЙ КӨТӨРҮҮ** Өзүн башкалардан жогору санап менменсинүү, мыктысынуу, текирейүү. *Кыдырбекти көргөндө Бермет бой көтөрүп, тескери карады* (Абдукаимов). *Ашыра бой көтөрүп, ашыра сынтагып кеткен да болбойт* (Сыдыкбеков). *Баш манаптын көрөр көз тилмечи бой көтөрбөй эрине шериктик ыкласын бурганын Сейдеш*

*да баамдоодо* (Бейшеналиев).

**БОЙ САЛБОО** Көңүлү менен берилбөө, ыгын кошпоо, көңүлүн бербөө, ийикпөө, ымалага келбөө. *Анархан бой салбай койгондуктан, Керимахун эки жолу урган имиш* (Жантөшев). *Баятан тамашага бой салбай отурган ак саргыл кызды Акия чыканагы менен түртүп калды* (Сыдыкбеков).

**БОЙ САЛУУ** Көңүлү менен берилүү, ыктоо. *Боздосом да жеткирбей, Бой саласың башкага* (Осмонов).

**БОЙ СЕРГҮҮ** Кандайдыр бир нерседен, оор жүктөн ж.б. кутулгандай көңүлү ачыла жеңилдей түшүү. *Уркуя сөзүнүн аягына чыкканда бир чоң жүгү түшкөндөй, бою сергий түштү* (Байтемиров).

**БОЙ СУНУУ** Ыктоо, ыгына көнүү. *Ой, жеңеке, эркелеймин, бой сунам* (Бөкөнбаев).

**БОЙ ТАРТУУ** *к.* **бойго жетүү.** *Күн өткөн сайын бой тартып келаткан Батийна томсоруп турат* (Сыдыкбеков).

**БОЙ ТИРЕШҮҮ** Бири-бирине атаандашуу, эрегишүү. *Үч бир туугандын балдары бирде сыйлашып, ...бирде жоо болуп, бой тирешип жашашат* (Осмоналиев). *Сени менен бой тирешип, кабак бүркөп жүргүм келбейт* (Сыдыкбеков).

**БОЙ ТҮЗӨӨ** Ооруп өлүм алдында жаткан адамдын жакшы болуп, айыккандай көрүнүүсү. *Гүлсүн шашке ченде эсине келди, бирок, ал убактылуу гана бой түзөө экен* (Сыдыкбеков). *Оору бой түзөп калды* («Ала-Тоо»), *Сыягы бой түзөп жатат окшойт* (Медетов).

**БОЙБОЗДО** Озондоо, бакыруу бойбойлоо. *Бойбоздоп катуу ыйлады.* ‖ Озондоо, ызгаарлануу. *Бороон бойбоздоп турат.*

**БОЙБОЗДОО** **бойбоздо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙБОЗДОТ** **бойбоздо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЙБОЙ** Ой-ой, ой-бой, кокуй деген сыяктуу дүрбөлөңдүү ички сезимди билдирүүдө колдонулат. *Бойбой салып боздоду, Арманын айтып козгоду* («Эл адабияты»).

**БОЙБОЙЛО** Бойбой деп үн салуу, сыздоо, кокуйлоо, боздоп муңкануу. *Деп ошентип Айчүрөк Эңгил-деңгил ой ойлоп, Боздоп турат бойбойлоп* («Сейтек»). *Балдар ыйлайт бойбойлоп* («Манас»).

**БОЙБОЙЛОО** **бойбойло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙБОЙЛОТ** **бойбойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЙГО ЖЕТҮҮ** Калыптанып, жетилип, чоң турмушка аралашууга даяр болуп калган курак. *Кыз бойго жетип калган экен деп ойлоду Айсалкын* (Каимов). *Байкуш апаң сенин ушинтип бойго жеткениңди көрбөдү го* (Саатов). *Бойго жеткен кезеги, Бегимжан деген чырагы* (Үсөнбаев).

**БОЙДОК** 1. Үйлөнбөй жалгыз бой жүргөн адам. *Бойдок келген баланы Жардуу кылдым, кырк жигит* («Эр Табылды»). *Элемандын топ бойдок Кайда чаап баратат* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Жүктөлгөн жүгү жок, бош коштолгон унаа. «*Алтын кылып калды*» *– деп, – Бойдок атын жетелеп* («Манас» С.К.).

**БОЙДОКТУК** **бойдокчулук** менен бирдей.

**БОЙДОКЧУЛУК** Бойдоктук турмуш, бойдок кишинин абалы. *Эркек тана бойдокчулук кылган уландарды ээрчиген тура* (Токомбаев).

**БОЙДОН** Атооч жөндөмөдөгү зат, шилтеме ат атооч менен айкашып, бардыгы, бүткүл, бүтүн деген маанини түшүндүрөт. *Ошол бойдон оюндун аягын көрбөстөн, биз да үйгө кайтып кеттик* (Байтемиров). ‖ *-ган* формасындагы атоочтук менен айкашып, мезгилди, абалды билдирет. *Татыбек жаагын таянып, жер чыканактаган бойдон жатат* (Байтемиров).

**БОЙКАТ** *диал.* Кош бойлуу, боюнда бар, бооз.

**БОЙКОТ** *саяс.* Айрым адамдар, уюм же мамлекет тарабынан өз ара мамилени токтотуп салуу. Саясий жана экономикалык күрөш жүргүзүүнүн, келишпөөчүлүктү билдирүүнүн бир ыгы катары өткөрүлүп жаткан иш чарага катышпоо.

**БОЙЛА** *тар.* Орто кылымда Кыргыз мамлекетиндеги жогорку даражадагы мансаптык башкаруу титулу.

**БОЙЛО** 1. Бир нерсенин терендигин, терендик өлчөмүн билүү үчүн башка бир нерселердин узундугу аркылуу ченөө. *Имерилген кара суу Найза салса бойлобойт* («Манас»). 2. Жолдун, суунун ж. б. бою менен жүрүү, жээктеп жүрүү же алардын боюнан орун алуу, жээктей жайгашуу. *Жолоочулар Ак-Бууранын бойлоп төмөн карай кетишти* (Абдукаримов). *Жатакчылар конушат, Ташынышып көл бойлоп* (Турусбеков). 3. Кандайдыр бир мезгил өлчөмүн, узактыгын билдирүүдө колдонулат. *Кылым бойлоп Ак-Буура Агып жатат шаркырап* (Турусбеков).

**БОЙЛОГУС** Узундукту, терендикти ченөөгө мүмкүн эмес. *Ат бойлогус күркүрөгөн нечен суу баары келип сага, көлүм, багынган.*

**БОЙЛОТ** **бойло** этишинин аркылуу мамилеси. *Жылкыны айдап ойношуп, Жыргалаң суусун бойлотуп* («Эр Табылды»).

**БОЙЛОШ I** 1. Бою, бийиктиги жагынан тендеш. *Ал адамга өзүнө бойлош чанач менен бир алтын беремин* (Жантөшев). 2. Бир мезгилде боюнда бар. *Ажар менен Айша бойлош болушту* (Жантөшев).

**БОЙЛОШ II** **бойло** этишинин кош мамилеси.

**БОЙЛУК** Эркек кишинин аялы жок, аял кишинин эри жок жүргөнү. *Бойлукта*

*байлык жок* (макал).

**БОЙЛУУ** Бою узун. *Анын бирөө арык чырай, бойлуу келген жаш аял.* ‖ Орто, чарчы, кыска ж. б. менен айкашып, бойду белгилөө үчүн колдонулат. *Маманазар орто бойлуу, катыңкы кара жигит* (Жантөшев).

**БОЙПОЙ** Жоош, момун көрүнүү. *Билбегенсип бойпоюп, Көрбөгөнсүп компоюп* (Тоголок Молдо).

**БОЙПОҢ-БОЙПОҢ** Көбүнчө кичинекей баланын тойпоңдоп чуркагандагы кыймыл-аракетин көрсөтүүдө колдонулат. *Кубаныч каптап, бетке кызыл түр берип, Бойпоң-бойпоң жолго түшүп жүгүрдү* (Бөкөнбаев).

**БОЙПОҢДО** 1. Бойпоң-бойпоң этип чуркоо, мойтоңдоо. 2. Бөйпөңдөө, бөйпөң-бөйпөң этүү, жагынуу. *Эмне десе макул деп, бөдөнө болуп бойпоңдоп кет* (Байтемиров).

**БОЙПОҢДОО бойпоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙПОҢДОТ бойпоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЙПОЮУ бойпой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙРО** Камыштан ж. б. согулуп, жерге салуу же жабуу үчүн жасалган нерсе. *Бойро төшөлгөн нар.*

**БОЙСУН** Баш ийүү.

**БОЙТОГОЙ** Бөйтөйүп жакшынакай көрүнгөн, бойтойгон. *Бойтогой бала.*

**БОЙТОЙ** Мойтогой татынакай көрүнүү, тоголок тартуу. *Бойтоюп, жанымда баратkan ак саргыл кызга жалооруй карадым* («Ала-Тоо»).

**БОЙТОҢ-БОЙТОҢ** Бойтойгон, бойпойгон балдардын кыймыл-аракетин, тойпоңдоп чуркагандагы көрүнүштү көрсөтүүдө колдонулат. *Бойтоң-бойтоң жүгүрүү.*

**БОЙТОҢДО** Бойтоң-бойтоң этүү. *Бойтоңдогон кара балдар Бүгүн аскер эң кужурмөн* (Элебаев). *Оюн салып бойтоңдойт Оюнкарак чабдар тай* (Үмөталиев).

**БОЙТОҢДОО бойтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЙТОҢДОТ бойтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЙТОЮУ бойтой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОК** 1. Адамдын, айбандын ичинен иштелип чыккан керексиз зат, заң. *Уруштун башы – бок жебе* (макал). 2. *өт.* Металлдарды эриткенде пайда болгон ар түрдүү аралашмасы бар калдык. *Темирдин богу. Чоюндун богу.*

**БОК ЖҮРӨК** к. Суу жүрөк.

**БОКАЛ** Ичкилик куюп ичүүгө ылайыкталып жасалган, формасы рюмкадан чоңураак аземдүү идиш. *Чар тараптан эки жашты көздөй бокалдар сунулуп жатты* (Байтемиров).

**БОКМУРУН** 1. Эси жок, эңөө. 2. Чоңоё элек, эс тарта элек.

**БОКОНО** Жетим кабырга, кыска кабыргалар. *Эч болбосо тең кылбайт Боконо менен моюнга* (Осмонкул). *Бурма каадасынча жай сүйлөсө да, жүрөгүнүн кагышы боконосун ургулап жаткансыды* (Токомбаев).

**БОКОНОСУ БОЛКУЛДОО** Муун-жүүнү бошоо, жашуу, (капа болгон, корккон, же өтө кубанган абалга, учурга карата). *Улгайган акындын боконосу болкулдай, баланы имере кучактап бети-башынан жыттагылады* (Бейшеналиев). **В.: Боконо сөөгү болкулдоо.** *Атасынын айткандарына Сейдештин боконо сөөгү болкулдап, көзүнө ысык жаштын толкуну серпилди* (Бейшеналиев). *Боконо сөөгүм болкулдап, коркуп турам солкулдап* («Семетей»).

**БОКОНОСУ КАТА ЭЛЕК** Баралына келе элек, али жаш. *Боорум бекип, боконом катып, өз алдымча оокат кылуу мен үчүн эң бир кыйын болду* (Баялинов). *Бири өзүңдүн боордош жалгыз тууганың, боконосу ката элек жаш жигит* (Укаев). *Балким, боору бекип, боконосу ката электе оор күндү, оор турмушту башынан өткөрүп жайы-кышы дебей жылаңайлак жүргөнү себеп болду бекен?* (Баялинов).

**БОКОР** Бастек, жапыс.

**БОКОЧО мокочо** менен бирдей. *Сөөмөйлөрү менен көздөрүн түйрүп, бармактары менен эриндерин чоюп, бокочо болуп коркутуп, жүрөгүбүздү түшүрөбү деп чочулайбыз* («Чалкан»).

**БОКС I** Өзүнө тиешелүү эрежеси менен мушташып ойноочу спорттун бир түрү. *Бокс боюнча мелдештер.*

**БОКС II** Дарылануучу мекемедеги изолятор.

**БОКСЕР** Боксту өздөштүрүп үйрөнүүчү, бокс боюнча спортсмен. *Ал окуп жүргөндө мектептин таанылган боксёру болучу* (Абдумомунов).

**БОКСИТ** Алюминий аралашмасы бар чополуу чөкмө тоо тегинен турган эң кымбат алюминий рудасы.

**БОКСТА** Бокстун эрежеси менен мушташуу. *Өзүмдү да бокстап коёбу деп чочуса керек* («Чалкан»).

**БОКСТАШ бокста** этишинин кош мамилеси.

**БОКСТОО бокста** этишинин кыймыл атоочу.

**БОКТО** Жаман сөздөр менен тилдөө, сөгүү. *Каршылашып эки арстан Бирин-бири боктоптур* («Сейтек»).

**БОКТОШ** Бирин-бири боктоп тилдөө, жаман сөздөр менен тилдешүү.

**БОКЧО** 1. Капчык, баштык. *Боз коёндон түлкү көп, Бокчого жыйган мүлкү көп* («Манас»). ‖ Майда-чүйдө нерселер же баалуу буюмдар салып байлап, түйүп коюучу түйүнчөк. *Бокчого жыйган мүлкү көп* («Семетей» С.К.). *Кемпирдин чечип бокчосун карап Кө-*

*бүнүн үйүн алыптыр талап* (Абдыраманов). 2. Баланы же бешикти өңөрүү үчүн ээрдин алды жагына коюла турган кичирээк таңгак.

**БОКЧОГОЙ** Бокчойгон, кебетеси, көрүнүшү бокчоюнку. *Бокчогой киши. Бокчогой тартып туруу.*

**БОКЧОЙ** Бою кичинекей, тууралжын келип, бүкүрөйгөн көрүнүштө болуу.

**БОКЧОЙТ бокчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОКЧОЛО** Бокчо менен бир, бокчо-бокчо кылып толтуруу. *Атакем күмүштү жыйган бокчолоп* (фольклор).

**БОКЧОҢ-БОКЧОҢ** Бокчогой адамдын кыймыл-аракетин, басканын билдирүүдө колдонулат. *Бокчоң-бокчоң жүгүрүү.*

**БОКЧОҢДО** Бокчоң-бокчоң эткен кыймыл-аракетте болуу. *Бокчоңдоп басуу.*

**БОКЧОҢДОО бокчоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОКЧОҢДОТ бокчоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОКЧОЮУ бокчой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОКЧУ** *сүйл.* Калдыкчы. *Сагызган элдин жокчусу, карга элдин бокчусу.*

**БОЛ** 1. Кандайдыр бир жайда орун алуу, белгилүү бир жерде жүрүү. *Үч жылы кыштакта болуп, айылдык мектепте иштеп жүрдүм* («Ала-Тоо»). 2. Кандайдыр бир окуянын, иштин аяктагандыгын, бүтө тургандыгын, иш жүзүнө ашкандыгын ж.б. абалын билдирүүдө колдонулат. *Эки айдан бери илешип жүрүп бүгүн араң болдум* («Ала-Тоо»). 3. Атооч сөздөр менен айкашып, ал-абалдын кандай экендигин, чен-өлчөмдү, кандай иште, кызматта иштегендигин, жөн-жайды, шартты ж.б. белгилеп көрсөтүүдө колдонулат. *Кап, акчасын бербей кетсем уят болду го* (Сыдыкбеков). *Шабыраалы ойлонууга аргасыз болду* (Байтемиров). *Падачы болуп мен жүрөм, Бай-манаптын колунда* (Барпы). 4. Бир нерсенин ичинде, топтун арасында бар экендигин, кандайдыр бир нерсенин составына катыша тургандыгын билдирүүдө колдонулат. *Жай күндөрүндө жердин баары эле көгөргөн чөп болот* (Убукеев) *Зарыл, кыздар болуп чалкайган төрдө жүрүшүптүр* (Сыдыкбеков). 5. Бир иштин тез, ылдам бүтүшүнө чакыруу, шаштыруу. *Бол, күн батып кетмек болду* (Сы- дыкбеков). *Бол, байбиче, чай кой* (Убукеев). 6. Чакчыл формасында жардамчы этиштер менен айкашканда кыймыл-аракеттин тез, чукул болгондугун билдирет. *Балдардагы тымтырс боло түштү* (Сасыкбаев). *Ай сайын алым жөнөтүп, Топор боло жаздадык* («Семетей»). 7. **болду** формасында туруп, чектөө, тыюу салуу, «жетет, жетишет» деген маанилерде колдонулат. *Болду! Башка айтар сөзүм да жок, силерге* (Сыдыкбеков). ‖ **болбогон** формасында туруп «керексиз, жарабаган» деген маанилерде колдонулат. *Кыз, бүгүн болбогон кептерди айтып, энесин тантыткысы келген жок* (Сыдыкбеков). 8. Макулдук, туура көргөндүктү, же терс формада туруп, макул эместикти, эп көрбөгөндүктү билдирүүдө колдонулат. *Болуптур, айтканыңыз айткандай орундалат* («Чалкан»). *Акыры болбодуңар, балдарым* (Токомбаев). 9. Жардамчы этиштик милдет аткарат. *Кош бол,– дедим чордуу колун кармадым* (Токомбаев). *Кыяматтын кыстоосун Көрмөк болду ошондо* («Эр Төштүк»). ‖ Чакчыл **боло** формасында туруп жардамчы этиштик милдет аткарганда өтүнүү, тилөө маанисин берет. *Токтогул черткен «Жаш кыял» Тыңшасаң боло, Алымкан, Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло Алымкан* (Токтогул). ‖ **болсо** формасында туруп байламталык милдет аткарат. *Култебер болсо жалдырап, Жүрөгү келди оозуна* («Мендирман»).

**БОЛБОЙ КАЛ!** Наразылыкты билдирип сөз тийгизүү, наалат айтуу, жактырбоо иретинде колдонулат. *Бала болбой кал! Адам болбой кал! Жигит болбой кал! Болотхандын жанына забын кылбаңыз* (Касымбеков).

**БОЛБОСОҢ КОЁ КАЛ** Адиси ашынган, укмуштуудай, адам таң каларлык деген сыяктуу мааниде. *Комузчу болбосоң коё кал, жөн эле комузга тил киргизип сайратып, адамды өзүнө арбап алат экен* («Эркин Тоо»). *Адис болбосоңор коё калгыла, алеки саатта кулунду торпокко айландырып жиберген сыйкырчы турбайсыңарбы* («Чалкан»).

**БОЛБУР** Тыкан эмес, чыйрак эмес, болпойгон жоош, болбураган, бошоң.

**БОЛБУРА** Тыкан эмес бошоң көрүнүү, чыйрак эмес, бөлбүрөгөн жоош көрүнүштө, кебетеде болуу. *Ошол кебетеси сөөмөйдүн учу тийише кетсе жарылчудай болбурап турду* (Байтемиров). *Анын кыймылы болбурап өтө эле бош.*

**БОЛБУРАТ болбура** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛБУРОО болбура** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛДУ, БОЛБОДУ** Кантсе да, кандай болбосун, акыры деген сыяктуу божомолдоо маанисинде колдонулат. *Болду, болбоду, ушу Виктор, – деп жүрөгү алып учкан Мусурайым жакындап келди* (Саатов). *Болду, болбоду бул Бороштун колунан келди дешти* (Борбиев).

**БОЛЕРО** Эки киши бийлөөчү испан элинин бийи жана ошол бийге ойнолуучу музыка. ‖ Ритми ушул бийге окшогон музыкалык чыгарма.

**БОЛЖО** Болжолдоо, жоромолдоо, ой жоруу. *Элиңиздеги сулуунун Кимиси деп*

*болжойсуз?* («Мендирман»). *Ал тек гана болжоп айтып койду окшойт* (Токомбаев). *Талаадагыны үйдө болжобо* (макал).

**БОЛЖОЛ** 1. Болжолдогон баам, жоромол, божомол. *Менин болжолумда, келип калдык* (Жантөшев). *Сенин болжолуң туура экен* (Жантөшев). 2. Болжогон мезгил, болжолдогон маал. *Болжол саат-минуту жакын калган* (Осмонов). *Ал аңгыча болбоду, Кармаштын келди болжолу* (Токомбаев). 3. Болжоп эсеп кылынган ченем, болжолдуу өлчөм. *Айылдан, болжолу, үч километрдей узадык* (Каимов).

**БОЛЖОЛДО** Болжоп жоромолдоо, баамдоо, божомолдоо, чамалоо. *Аны болжолдоп гана айтпаса, таамай сүрөттөш мүмкүн эмес* (Жантөшев). *Болжолдоп, ченемим жетпеди* (Сыдыкбеков).

**БОЛЖОЛДО ЖОК** Баа жеткис, эч нерсе тең келгис, абдан мыкты. *Анын адамгерчилиги болжолдо жок* («Ала-Тоо»).

**БОЛЖОЛДОН болжолдо** этишинин өздүк мамилеси.

**БОЛЖОЛДОО болжолдо** этишинин кыймыл атоочу. *Компассыз болжолдоо кыйын.*

**БОЛЖОЛДУУ** Мурунтан белгиленген, болжол кылынган, болжолу, мезгили макулдашылган. *Болжолдуу күндөн калганда, Болбойт го менин барышым* («Эр Табылды»). *Болжолдуу өз саатында келип жетти* (Осмонов). ‖ Ачык белгилүү эмес, жоромолдуу. *Болжолдуу ой.*

**БОЛЖОЛСУЗ** Чексиз, учу-кыйры жок, ченемсиз, эбегейсиз. *Шамдагайы болжолсуз, Шапылдата бат чечип* («Эр Төштүк»). *Болжолсуз алгыр улам жогорулап эрип бараткандай болот* (Жантөшев). *Бозбунун боору чер толгон, Болжолсуз көп арчасы* (Үмөталиев).

**БОЛЖОЛУ** Чамасы, сыягы, кыязы. *Агасы кумсарып отурат, болжолу урушса керек* (Байтемиров).

**БОЛЖОН болжо** этишинин өздүк мамилеси.

**БОЛЖОО болжо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛЖОТ болжо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛЖОШ болжо** этишинин кош мамилеси.

**БОЛИСКЕЙ** Никелденген, ак, дат баспаган, жалтыраган темир. *Толгон айдай апаппак, Болискейдей алкымың* («Эл адабияты»).

**БОЛК** Чочуганда, күтпөгөн жерден бир нерсеге кабылганда ж. б. жүрөктүн катуу козголо түшкөн абалын, солк эте түшкөн абалды билдирүүдө колдонулат. *Эркеайымдын жүрөгү болк эте түштү* (Жантөшев). *Мурун туюп ойгонуп, Болк-болк этет жүрөгүм* (Токомбаев). *Көрө коюп Күлчоро, Боконосу болк этип* («Семетей»).

**БОЛКОЙ** Болпогой толук көрүнүү, болпоюу. *Болкоюп ирденип калган бала. Тору чаар минип болкоюп, Ак найза Колдо койкоюп* («Манас»). *Баласы ирденип болкоюп калыптыр.*

**БОЛКОЙТ болкой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛКОЮУ болкой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛКУЛДА** Болк-болк этүү. *Жар бойлосо араба Жүрөгүбүз болкулдайт* (Токомбаев). *Ошентип Чүрөк толкундап, Көөдөндүн баары болкулдап* («Семетей»).

**БОЛКУЛДАТ болкулда** этишинин аркылуу мамилеси. *Арстандай айбаттанып, кайраттанып, Жүрөгүн душманыңдын болкулдаттың* (Маликов).

**БОЛКУЛДОО болкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛМУШ** Болгон иш, болгон окуя. *Сен сыр сактоо жөнүндөгү мына бул болмушту угуп ал, анан анын маңызын жаныңдай сакта* (Токомбаев). *Дагы мына, сансыз болмуш эсимде* (Токомбаев).

**БОЛОК: болок-болок** Өзүн өзү токтото албай болк-болк эткен көрүнүштү, мисалы, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлагандыгы, боргулданып тердегендеги абалды көрсөтүүдө колдонулат. *Болок-болок ыйлоо.*

**БОЛОКЖОТ** Кызы жагынан төрт бала өткөн.

**БОЛОКТО** 1. Болок-болок этип токтоно албоо, солкулдап ыйлоо, шолоктоо. *Ажар жуурканды чүмкөнүп, болоктоп ыйлады* (Баялинов). 2. Көл-шал түшүп боргулданып тердөө. *Эми Темир болоктоп тердеп алган* (Сыдыкбеков).

**БОЛОКТОО болокто** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛОКТОТ болокто** этишинин аркылуу мамилеси. *Акман жээрде атты болоктотуп үйүнө келди* (Сыдыкбеков).

**БОЛОР-БОЛБОС** Анча-мынча, бир аз, биртике, майда-чүйдө. *Кара жанын кайтарып, Болор-болбос жай алган* («Семетей»). *Шамбеттин колундагы кармаган чоң кагаз болор-болбос дирилдеп коёт* (Сыдыкбеков).

**БОЛОРУ БОЛУП, БОЁСУ КАНУУ** Иш бүтүп калды, болушунча болду, башкача өзгөртүүгө мүмкүн эмес, башка айла жок деген мааниде. *Болору болуп, боесу канган соң, Сүйгөн кур алаканын жаныды* (Бейшеналиев). *Тезекбайым, болору болуп боесу канды. Колдон келер чара жок* (Бейшеналиев). **В.: Болору болуу.** *Ашырбай болору болду деп отурду* (Үмөталиев). – *Мына, болору болду. Эми атама ачык сүйлөшөлү* (Каимов).

**БОЛОРУН БОЛТУРУП, БОЁСУН КАНДЫРУУ** Ишти тиешеси бар адамга билгизбей, анын оюндагыдай эмес башкача бүтүрүп коюу, өз билгендей жасоо. *Менин сыртымдан бычып, болорун болтуруп, боёсун*

*кандырыпсың* (Бейшеналиев).

**БОЛОТ** Темир менен бир аз углероддун кошундусунан пайда болгон өтө катуу, курч металл. *Болот эритүү. Болоттон жасалган кылыч.* ‖ *Учу болот бөрү тил, Найзанын жайын эми бил* («Эр Табылды»). *Балаңа калды мүлк болуп, Болоттон соккон барсканың* (Тоголок Молдо).

**БОЛОТНАЙ** Пахтадан токулган ак кездеме. *Жаңы болотнайдан шейшеп жасады.*

**БОЛОЧОК** Алдыда боло турган иш, алдыдагы мезгил, келечек. *Артель иши болочоктун булагы* (Токомбаев). *Сүйлөшүү, учурашуу жайынча эмес, Табымдын болочогун талкуулашты* (Турусбеков). ‖ Боло турган, келечекте болуучу. *Чолпонбай болочок жыргалдуу турмушту көз алдына келтирди* (Жантөшев). *Колхозчулардын камкор колдору менен болочок кышка даярдалган чөп үймөктөлдү* (Абдумомунов).

**БОЛОЧОКТУУ** Келечеги бар. *Болочоктуу жигит, кандай жашаса, кандай сүйлөсө – баарысы эп* (Каимов).

**БОЛПОГОЙ** Болпойгон толугунан келген. *Болпойгон тоголок беттүү бала.*

**БОЛПОЙ** Толук, бирок бошонураак көрүнүштө болуу, болтоюп жоош тартуу. *Көшүп бара жаткан уулунун болпойгон өңүн тиктеп Жийдегүл ырдай баштады.* (Сасыкбаев). *Болпоюп бейкут отурган Балага көзүм түшкөндө* (Маликов).

**БОЛПОЙТ** **болпой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛПОК** **болпоң** менен бирдей.

**БОЛПОҢ** Болтойгон толмоч, көпшөк, чың эмес, бошоң. *Боз ала тарткан болпоңум, Белгилүү айкөл көк жалдан Белекке калган чолпонум* («Сейтек»).

**БОЛПОҢ-БОЛПОҢ** Болпойгон кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Болпоң-болпоң желдирүү.*

**БОЛПОҢДО** Болпоң-болпоң этүү, болтоңдоп кыймылдоо. *Болпоңдоп келе жаткан ким?*

**БОЛПОҢДОО** **болпоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛПОЧ** Болтойгон, болпойгон толмоч, кыймыл-аракети аз, болпогой. *Болпоч бала. Биздин балдар эмне май болпоч, борпоң* (Сыдыкбеков).

**БОЛПОЮУ** **болпой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛТ** Бир жак башы бөрктүү, экинчи жагы бурама кылып жасалган стержень. *Болт менен бекитүү.*

**БОЛТОГОЙ** Толук, болпогой, эткелинен келген болук. *Ким кайсы звенодо, айтып койсоңуз экен, – деди эң четте отурган эткел келген болтогой кызыл бала* (Таштемиров). *Болтогой кыз бала.*

**БОЛТОЙ** Болтогой, болук, эткел көрүнүштө болуу. *Болтойгон кызыл жеңекем, Пейлинен тапчу неме экен* («Ала-Тоо»).

**БОЛТОЙТ** **болтой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛТОҢ: болтоң-болтоң** Болтойгон болук адамдын, айбандын ж. б. кыймыл-аракетин көрсөтүүдө колдонулат. *Болтоң-болтоң жүгүрүү. Болтоң-болтоң кыймылдоо.*

**БОЛТОҢДО** Болтоң-болтоң эткен кыймыл-аракетте болуу. *Болтоңдоп жапалдаш бой, кызыл жүздүү, Бийлөөдө араң жүрөт өзүн эптеп* (Абдыраманов). *Баласы болтоңдоп жүгүрүп калыптыр.*

**БОЛТОҢДОО** **болтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛТОҢДОТ** **болтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛТОЮУ** **болтой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛТУР** 1. Иш жүзүнө ашыруу, аткаруу, чындыкка чыгаруу, бүтүрүү. *Ойдогуну болтуруп, Орундаттык тилекти* (Үмөталиев). *Кыргыз бүгүн болбогонду болтурат, Мүнөт санап бөксөлөрүн толтурат* (Токомбаев). 2. Абдан жүдөтүү, айласын, алын кетирүү. *Чыркыратып күндө жеп, Букараны болтурган* (Турусбеков). *Ат болтура тынымсыз, Шашып кетип баратат* («Семетей»).

**БОЛТУРТ** **болтур** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛТУРУУ** **болтур** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛУК** Толук, эткелинен келген, болтойгон, толмоч. *Артта олтурган болук кара бала колун серпип сүйлөдү* (Бейшеналиев). *Болук инженердин дем берген сөзүн угуп, Сабира чыйрала түштү* (Сасыкбаев).

**БОЛУКСУН** Болук көрүнүүгө, өзүн болук катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, *Кебетеси келишпесе да кекирейип, бою болбосо да, болуксунуп, журтка сес көрсөтө беришчү* (Сыдыкбеков).

**БОЛУКТУК** Толугунан келгендик, толмочтук. *Төрткө жашы толду эле, Болуктугу баланын Он жаштардай болду эле* («Манас»).

**БОЛУКШУ** Мууну бошоп көөлгүү, балкуу, магдыроо, ыксыроо. *Болукшуп ыйлап баатырлар, Кол кармашып көрүшүп* («Эр Табылды»). *Эмгектин жашыл талаа ээсин күтүп, Болукшуп, нурга балкып, турса ишенип* (Турусбеков).

**БОЛУКШУТ** **болукшу** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛУКШУУ** **болукшу** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛУМ** 1. Жөндөм, бар болгон сапат (адам жөнүндө). *Ал бечара жаш кызды бир болуму жок киши алган тура* (Каралаев). 2. *сейр.* Түшүм. *Күн жаанчыл болгондуктан, чөптүн өнүмү, эгиндин болуму начар болду* (Жантөшев).

**БОЛУМДУУ** Келишимдүү, келишкен, мыкты. *Бала убактың кете элек, Болумдуу сөөгүң боло элек* («Сейтек»). *Ок өтпөгөн болумдуу Көк күбөнү кийгизди* («Сейтек»). *Алымбайдын ат турманы келишимдүү, болумдуу* (Сыдыкбеков).

**БОЛУМСУ** Кыйын, келишимдүү болуп көрүнүүгө аракеттенүү. *Чиркин карылык, десеңиз: жайнаган көздү ириңдетип, болумсуган көкүрөктү кирилдетип.*

**БОЛУМСУЗ** Келишимдүү эмес, жагымсыз, начар. *Кебетеси болумсуз.* ‖ Жарабаган, арзыбаган, керексиз. *Болбос жаман арамза Болумсуз ишке малынат* (Токтогул).

**БОЛУМУШ** *туурасы:* болмуш.

**БОЛУҢКУРА** Ишенимдүү түрдө эмес, бир аз кыйылып макул болгондой абалга келүү. *Болуңкурабай турганынын маанисин айтчы* («Советтик Кыргызстан»).

**БОЛУСКЕЙ** 1. **болискей** менен бирдей. 2. Жалтыраган темирден жасалган идиштердин жалпы аталышы. *Дал ошол гүлдүн алдындагы кичинекей ак болускейге жазылган жазууга караганда...* (Жантөшев).

**БОЛУУ** **бол** этишинин кыймыл атоочу. *Убадам ушул, абаке, Учкуч болуу тилегим* (Маликов).

**БОЛУШ I** 1. *тар.* Революцияга чейинки Россияда жана СССРде 1930-жылдарга чейин райондоштуруу жүргүзүлгөнгө чейинки мезгилде уезддин бир бөлүгү болуп эсептелген төмөнкү административдик-территориялык бөлүнүш бирдиги, волость. *Ак-Буура болушундагы калктын бардыгы чоң мечиттин алдындагы аянтка чогулган* (Абдукаримов). *Канай болушу. Ичкилик болушунун чеги.* 2. Ушул бөлүнүштүн, аймактын башкаруучусу. *Лампаны эң биринчи Сарыгул деген болуш алып келиптир* (Сыдыкбеков). *Айдалып барып болуштан Ага-ини таптым орустан* (Токтогул).

**БОЛУШ II** Талаш-тартыштын бир жагын жактоо, ошонун таламын талашуу. *Мага Бошкой кас эле, Болушар тууган аз эле* (Тоголок Молдо). *Омор уулуна болушса, бизге катуу кыйкырат го* (Сыдыкбеков).

**БОЛУШТУК** 1. **болуш** дегенге таандык. *Болуштук аткаруу комитеттери.* 2. Болуштун, административдик органдын башчысынын кызматы, кызмат орду, мансабы. *Талашканы болуштук, Тим эле койсо эмне* (Тоголок Молдо).

**БОЛУШУНЧА** Болгонунча, бардыгынча, турушунча. *Андрей элге айлана карап, үнүнүн болушунча бакылдап сүйлөп калды* (Байтемиров).

**БОЛУШЧААК** Көп эле болор-болбос нерсеге киришип болуша берген, бир тарапты жактап болушканды жакшы көргөн, бирөөнүн таламын талашып, жактоочу. *Энеси болушчаактын кызы ыйлаак, атасы болушчаактын уулу ыйлаак* (макал).

**БОЛЧОГОЙ** Болчойгон, олчойгон.

**БОЛЧОЙ** Олчойгон, локуйган көрүнүштө болуу. *Болчоюп карап турат.*

**БОЛЧОЙТ** **болчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛЧОҢ** **болчоң-болчоң** Болчойгон чоң кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Болчоң-болчоң жүгүрүү. Болчоң-болчоң этип басуу.*

**БОЛЧОНДО** Болчоң-болчоң этип кыймылдоо. *Ал семизинен болчоңдоп баса албайт.*

**БОЛЧОНДОО** **болчоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОЛЧОҢДОТ** **болчоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОЛЬШЕВИЗМ** *тар.* В.И.Ленин тарабынан иштелип чыккан пролетариаттын революциялык кыймылынын жана капиталисттик коомду революциялык жол менен коммунисттик коомго кайра куруунун теориясы менен тактикасы.

**БОЛЬШЕВИК** *тар.* Большевиктик партиянын мүчөсү.

**БОМБА** Жарылгыч заттар менен толтурулган снаряд. *Кулак тундурган көп мотордун үнү менен кошо күүлдөп бомбалар жарыла баштады* («Кыргызстан аялдары»).

**БОМБАЛА** Бомба таштоо, бомба таштап чабуул коюу. *Душмандар Ленинградды да бомбалап жатышкан эле* (Сасыкбаев).

**БОМБАЛАН** **бомбала** этишинин өздүк мамилеси.

**БОМБАЛАТ** **бомбала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОМБАЛОО** **бомбала** этишинин кыймыл атоочу. *Суу бою, батарея турган ойдуң Тамтыксыз казылыптыр бомбалоодон* (Үмөталиев).

**БОМБАЛООЧУ** Бомба таштоочу. *Бомбалоочу самолёттор. Бомбалоочу авиация.*

**БОМБАЛУУ** Бомбасы бар. *Көп самолёт, көп танкалуу, бомбалуу* (Осмонов).

**БОМБАРДИРОВЩИК** Душмандын кургактагы жана суудагы күчтөрүн бомбалоочу согуштук самолёт. *Бул окуя бомбардировщиктердин түнкү чабуулунда болду* (Баялинов).

**БОМБОВОЗ** **бомбардировщик** менен бирдей.

**БОН I** Кагаз акчанын ролун аткарып, казына же жеке ишкана чыгарган кыска мөөнөттөгү кредиттик документтер.

**БОН II** Дарыя, көл, деңиз портторундагы сүзүп жүрүүчү тосмолор.

**БОНД** *саяс.* 1. Юридикалык же жеке жак берүүчү активдерди камсыз кылган облигация. 2. Бажы салыгын төлөөгө чейинки товардын абалы, чек ара аркылуу ташылуучу товар салыгы көрсөтүлгөн бажы-күрөөлүк документ.

**БОНУС** Келишимге ылайык сатуучунун сатып алуучуга койгон кошумча төлөө сы-

йы, сый акысы же кошумча жеңилдиги.

**БОО I** 1. Бир нерсени байлоого, таңууга, байлап бекитүүгө керектелген жип, тасма жана башка нерсе. *Дагдаңдап бул катарда Келгенбай бар, Боо чечип, үзүк сыйрып, жүгүн таңган* (Бөкөнбаев). *Лыжаларды майлайлы. Боосун бекем байлайлы* (Осмонкул). 2. Эгиндин, чөптүн ж.б. бир байламы, бир таңгагы. *Аңыздагы боолор жуушаган койдой калың.* (Сыдыкбеков). *Жүр, үч боо камыш сурап келели* (Касымбеков).

**БОО II** *диал.* Буга деген барыш жөндөмөдөгү ат атооч сөздүн диалектилик формасы. *Тек, кемпиржан, боо сен не айтар элең?* (Сыдыкбеков). *Бу чын жаралган Күлчоро, Боо чымчышкан адам оңобу* («Сейтек»).

**БОО ТАГАР** *аңч.* Алгыр куш, бүркүттүн чолок боо тагылуучу балтыры, саны.

**БОО ТҮШҮҮ** Тобу менен кырылуу, үстүүстүнө сулай берүү, катуу кыргынга учуроо, катуу кыйроо. *Бир боорум үчүн деп чапкын, Боо түшүп душман жыгылсын* (Маликов). *Жигиттер урушу жок эле четинен боо түшүп ич өткөктөн кырылып өлүп жатат го?* (Касымбеков). *Айлалап көптүк кылып чуркабасак, Алыстан мылтык тийип түшөбүз боо* (Токомбаев). *Элге душман, жоо келсе, Боо түшүрүп чапканмын* («Сейтек»).

**БООЗ** Ичинде баласы бар, жүктүү. *Бооз бээ. Бооз уй.*

**БООЗУ** Боюнда болуу, боюна бүтүү, жүктүү болуу.

**БООЗУТ** **боозу** этишинин аркылуу мамилеси.

**БООЛА** Боо менен байлоо, таңуу (эгинди, чөптү ж.б.). *Алымкул чөбүн боолады* (Абдукаримов).

**БООЛАН** **боола** этишинин өздүк мамилеси.

**БООЛАТ** **боола** этишинин аркылуу мамилеси.

**БООЛАШ** **боола** этишинин кош мамилеси.

**БООЛГО** **болжол** менен бирдей. *Менин боолгомдо ишибиздин жыйынтыгы жакшы болот.*

**БООЛГО** **боолголо** менен бирдей. *Бала иттин үнү чыккан жакты боолгой бир коктуча менен төмөн кирип кетти* (Элебаев).

**БООЛГОЛО** Болжолдоо, божомолдоп билүү, бүдөмүк таануу, бүшүркөө. *Оо ботом, боолголойм үнүңдү, Күлчоронун өзүсүң* («Сейтек»). *Шарип эки атчанды алыстан боолголоп, астына утурулап бастырды* (Бейшеналиев).

**БООЛГОЛОО** **боолголо** этишинин кыймыл атоочу.

**БООЛОО** **боола** этишинин кыймыл атоочу.

**БООЛУК** 1. Орулган чөптү, эгинди байлоо үчүн жасалган боо. *Асылкан орок оргондо бир киши жалаң боолугуна жетпеген кездери болгон* (Элебаев). 2. Илмеги бар же илип коюуга ылайыкталган ар кандай боо. *Жылкы ичинде чоң тору ат боолук салса карматат* (Тоголок Молдо). *Желдиктүү найза суналтып, Боолугун колго кыналтып* («Эр Табылды»).

**БООЛУКТА** Боолук менен кармоо, боолук салуу. *Чалма салып боолуктап, Чапса кайдан козголот* (Тоголок Молдо).

**БООЛУКТАТ** **боолукта** этишинин аркылуу мамилеси. *Дароо эле бир серпим менен боолуктата койбойт* (Бейшеналиев).

**БООЛУУ** Боосу бар, боо тагылган. *Алтын боолуу ак туйгун, Тынарым аман бар бекен* («Курманбек»).

**БООР** 1. Өттү жана тамак сиңирүүгө керек болгон заттарды иштеп чыгаруучу адамдын жана айбандын ички органы, мүчөсү. *Жүр майданга, баатыр балдар киребиз, Жат душмандын боорун жарып тилебиз* (Барпы). *Балам, мына бул боорду бышырып жей тургула* (Жантөшев). 2. Төш тарап, көкүрөк жак, ич жак тарап. *Эрнис эки колун бооруна алып ары-бери басат* (Жантөшев). *Эрке кыз Жылдызканды акырын гана бооруна кысып, каадасынча төбөсүнөн жыттады* (Байтемиров). *Аскерлер бирде боорлору менен жылып, бирде далдалуу жерге илбирстей секирип жүгүрүшүп кетип баратышты* (Жантөшев). 3. Тоонун, жардын, дубалдын ж. б. капталы, бети. *Эми көр, ал боорго бак сайылган* (Маликов). *Четин асканын бооруна жабышып чыккан* (Жантөшев). *Дубалдын боорундагы саатты караса, он экиге жакындап калыптыр* (Байтемиров). 4. Белгилүү бир жердин аймагы, айлана чөйрөсү, өрөөнү. *Тоодой саман үйүлүп, Чүй боору эгин жыттанат* (Шүкүрбеков). 5. Бир тууган, тууган, тукуму, теги бир. *Аркаңда калган карындаш, Бооруңар айтат саламды* (Бөкөнбаев). ‖ Жүрөк сезимин, кишинин көңүлүн, боорукерликти, жакын санагандыкты билдирүүдө колдонулат. *Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт* (макал). *Алмамбет акыл ойлонду, Аябай боору толгонду* («Манас»).

**БООР АЧЫРЛЫК** Зээн кейите тургандай, абдан аянычтуу. *Ак куунун боор ачырлык абалын манжаларын тыпырата, кулачын салбырата маалымдады* (Бейшеналиев).

**БООР БАТЫРЫШ** Көрүшпөй, катышпай жүргөн туугандардын же ымаласы келише жүргөн адамдардын көпчүлүктөн бөлүнө калып өз ара сырдашуусу, сыйлашуусу.

**БООР БЕРБӨӨ** Жакындабоо, баш ийбөө, жакын санабоо, моюн бербөө. *Бирок Сүйүнбайдын балдары бөтөн адамдай боор бербей өсүштү* (Өгөбаев). *Сайра карап буртуйду: – Ошолор мага болобу, ошолор мага боор*

*береби?!* (Касымбеков). *Үпөл кишиге жакындамак турсун, оңой менен жээк-жааттарга боор бербейт* («Ала-Тоо»). **В.: Боорун бербөө.** *Өзүмө канчалык тартайын десем да, эч боорун бербейт* (Осмоналиев).

**БООР БУРАР** Жан тартар, кайрылышар, карашар. *Болгон карып экен деп, Болжосом боор бурар жок* (фольк.). *Ак болсо кантип булгайын Ага да боор бурайын* («Манас»).

**БООР ООРУСА, БООРГО ТЕБҮҮ** Жакшылык жасайын десе түшүнбөйт, жакындатпайт, жолотпойт, кайра жаманчылык издейт деген мааниде колдонулат. *Мен сиңдимди таңмак белем, боор ооруса боорго тебет* (Тойбаев). *Мунун боору ооруса, боорго тепкенин көрдүңбү?* («Ала-Тоо»). *Боор ооруганды боорго тепкени кандай? Ченден чыккандык эмеспи* (Ш. Үмөталиев). **В.: Боорго тебүү.** *Кайра боорго тээп атпайбы* (Медетов). *Кечээки жырткыч ийри тумшуктун жеми, бүгүн өзүн куш сезип, мени боорго тепти ээ* (Бейшеналиев).

**БООР ООРУУ** *к.* **боору ачуу.**

**БООР ТАРТУУ** Жакынсынуу, ие тартуу, өзүнө жакын саноо, жакындоо. *Ал жигит балыкчыларга боор тарткансып, жылуу жүз көрсөтүп турар эле* (Укаев). *Дүйнөдө жетимге да боор тарткан асыл адамдар бар экен да* (Бейшеналиев). *Ысак, сен өз кишибизсиң, букарадан чыккансың. Ошондуктан сага боор тартып келип отурбайбызбы...* (Абдукаримов). *Өзүңдүн жалгыз туягың, Боз ала болуп калат деп, Боор тартып турамын* (Эр Табылды»).

**БООР ТОЛГОО** Бир нерсеге боор тартып кыйылгандык, аны кыйбастык. *Шволик аларды токтотуп калсак эмне деген боор толгоосу чекилик экенине көзү жетпеди* (Ашымбаев). *Мен атамды аяп кеттим, бирок апам үчүн деген боор толгоом дагы да күчтүүлүк кылды* («Кыргызстан маданияты»).

**БООР ЭТ МЕНЕН ТЕҢ** Өтө жакын, абдан ысык, сүйгүнчүктүү, өтө кымбат. *Чын эле Бала дегениң боор эт менен тең экен* (Сарногоев). *Дир эткен кылынан күү төккөн комуз кыргыз журтунун боор эти менен тең* («Советтик Кыргызстан»). *Мал тоолуктарга боор эт менен тең, ансыз күн көрүү кыйын* (Бейшеналиев).

**БООР ЭТИ ЭЗИЛҮҮ** *к.* **боору эзилүү.**

**БООРГО ИМЕРҮҮ** *к.* **бооруна имерүү.**

**БООРГО ТАРТУУ к. бооруна тартуу.**

**БООРГО ТЕБҮҮ** *к.* **боор ооруса, боорго тебүү.**

**БООРДОШ I** 1. Бир тууган, бир боор. *Канымдын боордошуна болушуп, Капсалаң менен нааразылашкан күнү да болду* (Бейшеналиев). 2. Бир туугандай жакын. *Мен эмне демекчимин, жан боордош талаам* (Айтматов).

**БООРДОШ II** Жакындык, боордоштук сезимде болуу. *Солдаттар боордошуп кетишкен.*

**БООРДОШТУК** Боордош болуу сезими, боордош, бир туугандай болуу сапаты, бир туугандык. *Боордоштук өмүргө Баары бирдей үн берди* (Турусбеков).

**БООРДОШУУ боордош II** этишинин кыймыл атоочу.

**БООРКЕР** *туурасы:* **боорукер.**

**БООРКЕЧ** *туурасы:* **боорукер.**

**БООРКОК** Тамак бергенде жаш баланын бооруна тартып коюучу нерсе.

**БООРЛОШ боордош** менен бирдей.

**БООРСОК** Көбүнчө ачыган камырдан төрт чарчы же сүйрүрөөк майда кесилип, майга бышырылган нан. *Дасторконго боорсоктор төгүлүп, каймактар коюлду* (Бейшеналиев). *Столдун үстү бышырылган этке, боорсокко, майга толду* (Сасыкабев).

**БООРТКО** Баланын колу-бутун ороо-чулгоосуна ороп, сыртынан таңа турган бешиктин боосу. *Боорткосун бек тартса, Бешикте бала туйлабайт* (Токтогул).

**БООРТОКТО I** Өтө кичинекей, жаш кезинде (жетим калуу) деген мааниде. *Боортокто баары жаш калып* («Манас» С. К.).

**БООРТОКТО II** Үстөмөнүнөн түшкөн абалда болуу, боорун жерге тийгизген абалда болуу, үстөмөнүнөн түшкөн абалда жылуу. *Ал жер менен жер болуп, боортоктоп жата калды* (Бектенов). *Сайдин боортоктоп жылды* (Сасыкбаев).

**БООРТОКТОО боортокто II** этишинин кыймыл атоочу

**БООРТОКТОТ боортокто II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БООРТОЛГО** Кыйылып, каалоо менен эмес. *Боортолго болуп берди.*

**БООРТОЛГОО** 1. Боор тартуу, өзсүнтүп мамиле кылуу. 2. **боортолго** этишинин кыймыл атоочу.

**БООРУ АЧУУ** Жан тартуу, абдан аёо, зээни кейүү. *Булар да менчилеп турмуштун каабын тарткан тура, – деп ага боору ачыды* (Ашымбаев). *Байкемдин эки көзү жок экендигине боору ачып, кейийт го* (Жусупов). *Эмнеликтен экенин билбейм, ушундай учурда таятама боорум ачып, тим эле ыйлагым келет дейсиң* (Айтматов). **В.: Боору ачышуу.** *Келиндин абалына боору ачышып, өзү да кемшиңдеп ыйлап, бир кемпир бетине суу чачты* (Касымбеков). *Жаш уланга боорум ачышып, түпсүз терең ойго батып, жер тиктеп былк этпестен тура берген экенмин* (Баялинов). **Боору ачынуу.** *Ага боору ачынган жумушчулар, курбу-курдаштары менен акылдашып көрдү* (Баялинов). *Алардын боору ачынды.*

**БООРУ БҮТҮН** Аман-эсен, телегейи тегиз, эч убайымсыз, кайгысыз. *Э, кызым, азыр кайда барсаң мамайдын көрү болбодубу! Боору бүтүн киши калбайт окшойт* (Абду-

каимов). *Бул күндөрдө күнүмдүк оокаттын зарын тарткан кембагалдар гана эмес, боору бүтүн, ток пейил адамдардын башына да ой түшкөн* (Каимов).

**БООРУ ЖИБҮҮ** Ийигүү, бир нерсеге макул болгондой муюй түшүү, көңүлдөнүү. *Жалынсам боору жибир, жүрөгү ачышар, менин кайгымдын канчалык оор экендигин сезер, – деп ойлоду* (Сайдуллаев). *Ушул учурда Кыдырбектин боору жибип, ата-эненин көз жашынан коркту* (Абдукаимов). *Ылым санап, боорум жибип жооп бергенимди көр* («Кыргызстан маданияты»).

**БООРУ КАЛБОО** *к.* **боору катуу II** 1.

**БООРУ КАТА ЭЛЕК** Өсүп жетиле элек, чоңое элек, али жаш. *Азыр бооруңар ката элек балапансыңар* (Бейшеналиев).

**БООРУ КАТУУ I** 1. Абдан күлүү. *Бүбүш шылдыңдап боору катып күлдү* (Турусбеков). *Кээде боорум катканча күлчү элем* (Байтемиров) 2. Катуу ыйлоо (балага карата); 3. Бой жетүү, баралына келүү, толуу. *Азыр боору ката элек балапансыңар* (Бейшеналиев).

**БООРУ КАТУУ II** Таш боор, ырайымсыз, бирөөгө жан тартпаган, эч ыракым кылбаган. *Түк карабайт жалчыга, Боору катуу канкорлор* (Осмонов). *Боору катуу киши болбосо да, кайраты менен жүргөндүр* (Абдукаимов).

**БООРУ МЕНЕН ЖЫЛЫП КАЛУУ** 1. Өтө алсыз, начар абалда калуу, кыйынчылык тартуу, абдан кедейленүү, жакырлануу. *Боору менен жылып калган карыпка Султанаалынын боору ооруп, үйүнүн жанына көчүрүп алат* (Каимов). *Боору менен жылып, кедей болуп калды.* 2. Минер унаасы жок жөө калуу. *Жалгыз аттан ажырап боорум менен жылганча, ошол азуулуулар үчүн сайдым башымды!* (Бейшеналиев).

**БООРУ ООРУУ** Аёо, боорукерлик кылуу, жардам берүү, жакшылык жасоо. *Анын томолой жетим экенин укканда Ашырбек боору ооруп, аянычтуу карады* (Ашымбаев). *Андай шоордууларга Байымбеттин боору ооруп сабылганычы* (Бейшеналиев). *Ал тирүүлөй жетим, анан кантип бооруң оорубасын* (Айтматов). *Акмат Каныбекке боору ооруп, эчен ирет сырын сураган* (Жантөшев).

**БООРУ СУУК** Ырайымсыз таш боор. *Боору суук манаптын Жок экен го нысабы?* (Токтогул). *Сен боору суук кара жердин койнунда, түбөлүк уйкуда жатасың, апа! – деп боздоп, Ажар ыйлады* (Баялинов).

**БООРУ ТАШ** *к.* **таш боор.**

**БООРУ ТҮТПӨӨ** Чыдай албай жан тартуу, кыйып кете албоо, аяп туруу, имерчиктөө. *Боорум түтпөй... жесир энең, жетим бөбөктөрүң менен көчүрүп баратам* (Бейшеналиев). *Алмакуңдарды көргөндө, кантсин, боору түткөн жок.* («Ала-Тоо»). *Боору түтпөй Төлөмүштөн бир туугандык жакшылык күтүп жүрүшөт* (Бердикеев). **В.: Боору толгонуу.** *Кемпирдин боору толгонуп, ырайым этип, ырчыны бошоткон экен* (Бейшеналиев). *Устасынын боору толгонуп, жаш баладай кыялга жетеленгенин кыйбайт* (Бейшеналиев). **Боору чыдабоо.** *Анан айласыздан боору чыдабай жалгыз эчкисин дагы кармата берет* (Алыбаев).

**БООРУ ЭЗИЛҮҮ** 1. Абдан жакшы көрүү, элжиреп ичи ысуу (көбүнчө балага карата). *Бает балдарын биринен сала бирин эркелетип, алардын кыял-жоругуна боору эзилип, толкуп-ташып отурган экен* (Өмүрбаев). *Небересин көрүп боору эзилип кетти* (Сыдыкбеков). 2. Абдан капа болуу, ичи күйүү, катуу кайгыруу. *Сатарга чын эле күйүп, боору эзилип жаттыбы, айтор, жан дүйнөсү башкача өзгөрүп, деңге мас болуп турду* (Бердикеев). *Элди, жерди сагынганымды айтпа! Ойлосом боорум эзилет* (Токомбаев). *Ошолорду жоктойм. Сөөгүңөр кайда калды экен деп, боорум эзилип боздойм, балам* («Ала-Тоо»). 3. Күлкүсүн токтото албоо, ыкшып күлүү, кыткылыктай берүү. *Тополоң анын дал өзү болуп туурап жатса, көргөндөрдүн боору эзилип, ичеги-карды жерге түшчү* (Осмоналиев). *Кыз күлкүсүн тыя албай боору эзилип жатты* (Укаев). *Ал кыткылыктай берип боору эзилип, ичин мыкчый кызарып татарат* (Жигитов). 4. Көбүнчө эрип-эпчип, көгөрүп-татарып көпкө, узак ыйлап калган кичинекей балага карата айтылат. *Шумурөйгөн гана албарсты, мына бул баланын боору эзилип калса эмне болот ыя!* (Исмаилов).

**БООРУКЕР** Кайрымдуу, мээримдүү, ырайымдуу жан тарткыч. *Сен андай боорукер болсоң, бирин учкаштырып, бирин өңөрүп кетип жүр* (Касымбеков). *Карыптарга боорукер, Кайрылуу жагы дагы бар* (Токтогул).

**БООРУКЕРДИК** **боорукерлик** менен бирдей.

**БООРУКЕРЛЕН** Боорукерлик кылуу, аяп жардам көрсөтүү.

**БООРУКЕРЛИК** Кайрымдуулук, мээримдүүлүк, бирөөгө боору ооругандык, жаны ачыгандык, аягандык. *Боорукерлик адамдын абдан жакшы белгиси* (Жантөшев). *Ошол боорукерлигиңден жаш аялмет катын-калачтын көргөн азабына тим карап тура албадың* (Айтматов).

**БООРУКЕРЛҮҮ** **боорукер** менен бирдей. *Боорукерлүү жайы бар Карлыгачка жан жолдош* (Осмонов).

**БООРУКЕРЧИЛИК** **боорукерлик** менен бирдей. *Боорукерчилик менен берген кийимдерин кийип, ичимден алкышымды айтып жаттым* («Ала-Тоо»).

**БООРУН БЕРҮҮ** Жакын саноо, өздөй көрүү, имерчиктөө, жакындоо. *Өзү бизге боорун берип, бала-ботолук антын актап жүргөн соң, сен үкөм, ага акаарат айтып жектебей курдаш болбойсуңбу* (Бейшеналиев).

**БООРУН ЖАРЫП ЧЫККАН** өзү төрөгөн, өз денесинен, ичинен чыккан, кара чечекей. – *О, кудай! Сенден суранарым бирөө гана: боорумду жарып чыккан жалгыз баламдын жанын аман калтыра гөр!* (Каимов).

**БООРУН ЖЕ** Өлтүрүү, жок кылуу, көзүн тазалоо. *Алар Сакадай менен Эркиндин боорун жештен да кайра тартпайт* (Жантөшев).

**БООРУН ЖЕРДЕН АЛБОО** Абдан катуу кайгыруу, аябай капа болуу, кайгыдан бүк түшүп жатып калуу, өзөлөнүп, өксүп ыйлай берүү. *Күйөөсүнүн бучук экенин билген соң Чынар эжем боорун жерден албай ыйлай берди* (Сыдыкбеков). **В.: Боорун жерге төшөө.** *Атасы Какачтын канын ичпесем моокумум канбайт деп, боорун жерге төшөп жатып алат* («Ала-Тоо»).

**БООРУН КӨТӨРҮҮ** 1. Чоңоюу, өсүп жетилүү, өз алдынча боло баштоо. *Ушулардын боорун көтөрүп, жүдөбөй, ачкачылыктан өлүп калбай торолуп кетүүсүн самайт* (Осмоналиев). *Биз турмушка боорубузду көтөрө электе кирип, эрте жетилип калдыкпы дейм* (Жусупов). 2. Турмуш-шарты оңолуу, тирденүү, *Уулун колунан жетелеп жүрүп, боорун көтөрүп, эптеп орус мугалиминин жардамы аркасында окууга киргизет* (Бейшеналиев). **В.: Боорун жерден көтөрүү.** *Балдар боорун жерден көтөрө албай жатып чыркырап ыйлап калабы?* (Абдукаимов). *Боорумду жерден көтөрбөй, Кыргыздын кыйрын аралап...* (Токомбаев). **Боорун жерден алуу.** *Боорун жерден алгандан тартып, энесинин артынан ээрчип, алынын жетишинче кол кабыш кылууда* (Байтемиров).

**БООРУН СЫРТЫНА САЛУУ** Аёо дегенди билбөө, боору оорубоо. *Боорун сыртына салып тепкилесе, айтпаганын көрөйүн, иттин гана баласы, – деп жасоол камчысын бүктөй кармаган калыбында каны ичине тартып, аркы-терки басып турду* (Бейшеналиев). *Кара мүртөз эри зайыбын күндө боорун сыртына салып тепкилеп жатса да: «Ой колуңду тарт..» деген бири жок* (Сыдыкбеков).

**БООРУН ТЫРМОО** Ыкшып, аябай күлүү, эрип калуу, күлкүсүн токтото албай ыкшып калуу. *Жаш мугалим кыз аябай күлкүчү эле, боорун тырмап эрип калды* (Борбуев). *Кээ бирөө боорун тырмап өбөктөйт* (Осмоналиев). **В.: Боорун тытуу.** *Баланын шыбыраганы угулуп, отургандар боорлорун тытышып кыраан каткы* (Казакбаев) *Кээсине кадимкидей жашылданып, кээсине боорубузду тытып калчубуз* («Кыргызстан маданияты»). *Арунга жага бербей калды көрүнөт, ыкшып боорун тытып калды* (Бердикеев). **Боорун тырмап күлүү.** *«Телибай тентек» казалына баары боорун тырмап күлбөспү* (Бейшеналиев). *Качыке боорун тырмап күлдү* (Абдукаимов). **Ичин тырмап күлүү.** *Балдар ичин тырмап күлүп жатышкан эле* (Абдукаимов). **Боорун эзүү.** *Кээде чукугандай сөз тапканын кантесиң түгөттүн. Боорунду эзет* (Абакиров).

**БООРУНА ТАРТУУ** Өзүнө жакындатуу, өзүмсүнтүү, жакынсынуу, ылым саноо. *Биз муну туугансып, боорубузга тартканыбыз менен ал болбойт окшойт* (Медетов). *Эненин сүйүнүчү коюн-кончко сыйбады, бечара элбиреп-делбиреп, өз кызындай ардактап, келинди боoруна тартты* (Касымбеков). *Жаманкул баланын жүрөгүндөгүнү козгой, өзүмсүнтүп боoруна тарта кайрылган* (Өгөбаев). **В.: Боюна тартуу.** *Жатты жатыркатпай, чоочунду чоочуркатпай боюна тартат* (Бейшеналиев). *Сай сөөгү сыздай түшкөн Батыйна кичинекей сиңдисин боюна тарткансып Канымбүбүгө үйрүлө калып, жашын сүрттү* (Сыдыкбеков). **Боорго тартуу.** *Келгиндеримди пайдалуу дейсиң, Макул. Боорго тартып көрөлү* (Бейшеналиев). **Боoруна имерүү.** – *Жакшы бүлөнү душман колго алдырбай, өз боoруңарга имерсеңер боло* (Байтемиров).

**БООРУҢА КЕЛГИР!** Жаш балдарга (көбүнчө эркек балдарга) карата тилдөө, каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Бооруңа келгир! Тайманбай айтышып турганын кара, анык тайбас болот окшойсуң!* («Ала-Тоо»). **В.: Бооруңа чечек чыккыр!** *Тышка кулак түргөн Татыке алкына кетти: – Бооруңа чечек чыккан өлүкканаңды көрөйүн ээ!* (Өмүрбаев). **Бооруңа чок түшкүр!** – *Ушу сенин ошоякка бооруң тартып жүрөт окшойт. О, бооруңа чок түшкүр!* (Медетов).

**БООРУТКА боортко** менен бирдей.

**БООРУУ ООРУУ** *же* **БООРУ АЧУУ** Жан тартуу, аёо. *Акмат Каныбекке боор ооруп, нечен ирет сырын сураган* (Жантөшев). *Мага боор оорубай эле коюңуз* (Сасыкбаев). *Жүдөй түшкөн Жылдызкандын кебетесин көрүп, боорум ачыды* (Байтемиров).

**БООРЧ борч** менен бирдей. *Моюнга жүктөлгөн ата-бабанын боорчун аткарып, оён атабыздын ашын берген соң, өз бүлөбүздү алып келебиз.* (М. Абакиров).

**БООСУ БЕК БОЛСУН** Өмүрлүү, бактылуу болсун, өмүрү узун болсун, көп жашасын деген сыяктуу алкоо, тилек кылуу маанисинде колдонулат. *Ымыркайлары. Эми ушуларынын боосу бек болсун* (Бейшеналиев). – *О, кудай, Абыловдун боосун бек кыла көр, ошол мен үчүн күйгөн киши...* («Ала-Тоо»). *Мендиштин боосун* бек кыл деп, Думана болуп калчу элем («Мендирман»).

**БООЧУ** үй тиричилигине ж.б. керектелүүчү жип-шуу. Боз үйдүн боочусу. ‖ *Алдында койдой айдалып, Боочуга колдор байланып* (Токомбаев).

**БОП** Сын атоочтун **бопбоз, бопбош**

сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт. *Чаң баскан бопбоз адырдан Жаңы гана ашкамын* (Үмөталиев).

**БОПОЙ** Жоош, момун көрүнүү, кебете. *Бопойгон бала.*

**БОПОҢДОП** Там-туң термелип баскан көрүнүш. *Анан энесин издеген тайлактай бопоңдоп буттарын чалыштыра басып жөнөдү* (Жусубалиев).

**БОПОРОЗ** *туурасы:* **папирос.**

**БОПУ бөпү** менен бирдей.

**БОПУЗА опуза** менен бирдей.

**БОПУЗАЛА опузала** менен бирдей.

**БОПУЛА бөпүлө** менен бирдей.

**БОР I** Химия өнөр жайында, резина ж. б. өндүрүү иштеринде колдонулуучу акиташ сыяктанган жумшак ак зат. ‖ Ушул заттын жазуу, актоо, бир нерсени тазалоо ж. б. үчүн колдонула турган уютулган катуу бөлүктөрү же майда порошогу. *Бор менен жазуу. Уютулган бор. Ак үй салган адамга Акиташ менен бор кызык* (Осмонкул).

**БОР II** Союла турган малды, согумду атайын байлап семиртүүчүлүк. *Борго байлоо.* ‖ Атайын байлап семиртилген мал, бордоку. *Тогоно бээ бор алып Бөкөйдүн берген кырк жылкы* («Саринжи-Бөкөй»).

**БОР III** Чөп чыкпаган шорлуу жердеги жумшак ак топурак, жумшак ак топуруктуу шордуу жер. *Күдүрлөгөн бор менен* («Манас» С.О.).

**БОР IV** Эпостордо: замбиректин бир түрү. *Эми киши жүрбөйт деп Барсылдак борун атканда* («Манас»).

**БОР V** Бир нерсенин мисалы, эттин борк-борк этип кайнаганын, бороктогонун билдирүүдө колдонулат. *Баглан козу, ширин баш Бор кайнатып коюптур* («Манас»).

**БОР КЕМИК** Жаш малдын (көбүнчө торпок, музоолордун) жумшак, майлуу кемиги. *Моюнчанын бор кемик.*

**БОРБАШ** Курт-кумурска, майда канаттуулар менен тамактануучу, таранчылар түркүмүнө кирүүчү жырткыч куш. *Кадимки борбашты таптаса, бугунун көзүң чокуп карайлатып салат деп укканым бар* (Сыдыкбеков).

**БОРБОГОЙ** Борбоюп турган, борбойгон. *Борбогой мурун, ээги узун, Кош таноосу дердейген* (Осмонкул).

**БОРБОЙ** Бир аз барбайып, барбайыңкы тартып көрүнүү. *Кара баланын артынан борбойгон кер сары бала да колун узатты* (Бейшеналиев). *Борбоюп мунун мурду кайда барат?*

**БОРБОР** 1. Ордо сызыгынын ортосундагы хан менен чүкө салуучу жери. *Борбордон ханды чертип чыгаруу. Борбордогу чүкөнүн тобун бузуу.* 2. *мат.* Айлана тегеректин дал ортосу, фигурадагы сызыктардын кесилишкен точкасы. *Айлананын борбору. Үч бурчтуктун борбору.* 3. Бир нерсенин, белгилүү бир мейкиндиктин орто жери, орто бөлүгү. *Шаардын так борбору.* 4. Кандайдыр бир өлкөнүн, мамлекеттин, республиканын, райондун ж.б. администативдик, өнөр жай, маданий ж.б. мааниси бар шаары, же калк орношкон пункту. *Беш күн, беш түн жол жүрүп, Бардым Москва борборго* (Тоголок Молдо). *Райондун борбору болуп турган чоң поселканын ортосунда эл кумурскадай кайнайт* (Сыдыкбеков). 5. Жетекчиликтин, башкаруунун ж. б. борбордук органы, жогорку орган. *Борбордон келген көрсөтмө.* 6. *өт.* Кандайдыр бир маселенин, нерсенин негизи, чордону, уюткусу. *Агитпункттар шайлоочулардын арасында агитацияны жүргүзүүнүн борбору болууга тийиш. Алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоо маселеси партиялык уюмдун көңүлүнүн борборунда турат.*

**БОРБОРДОШ** Белгилүү бир борборго, точкага топтолуу, биригүү. *Борбордошкон соода.*

**БОРБОРДОШТУР борбордош** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРБОРДУК** 1. Кандайдыр бир аймактын, пункттун борборунан, орто жеринен орун алган. *Борбордук аянтча. Борбордук Азия.* 2. Жетекчиликтин, башкаруунун ж. б. борборуна, жогорку, түпкү уюмуна таандык. *Борбордук уюмдар. Профсоюздардын борбордук комитети.* ‖ Негизги, башкы. *Кадрлар менен, иштөө партиялык уюмдардын борбордук милдети.* ‖ Бир борборго бириктирилген, борбордоштурулган, топтоштурулган. *Борбордук шайлоо комиссиясы. Борбордук телеграф.*

**БОРБУЙ** Дененин жука чурайдан сан жакка өткөн бөлүгү. *Маралчы узатпай жетип, борбуйдан алып карышкырды ыргытты эле, ал башы менен жер сүздү* (Баялинов).

**БОРБУЙ ЭТИ КАТА ЭЛЕК** *же* **БОРБУЙ ЭТИ ТОЛО ЭЛЕК** Өсүп жетиле элек, чоңоюп эрезеге жете элек, али жаш. *Борбуй этим ката электе оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). *Боконо сөөгүң боло элек, Балам, сенин борбуй этиң толо элек* («Сейтек»).

**БОРБУЙЛА** Борбуйдан алуу же борбуйга чабуу (мис. атты камчы менен).

**БОРБУЙЛУУ** Күчтүү адам.

**БОРБУЮ КАТУУ** Бойго жетүү, чоңоюп колунан бир нерсе келе баштоо, жетилген куракка келүү. *Борбуюу катып жетилсе, үй-бүлөнү жер казса да багуучудай* (Бейшеналиев). *Эмичи? Эми анын борбуюу катып торолгон* («Ала-Тоо»). **В.: Борбуй эти катуу.** *Борбуй этим ката электе оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). *Борбуй эти ката элек туруп, чоң адамдын жумушун жасады* («Ленинчил жаш»). **Борбуй эти толуу.** *Боконо*

*сөөгүң боло элек, Балам, сенин борбуй этиң толо элек* («Сейтек»).

**БОРБУЮН КӨТӨРҮҮ** *к.* **боорун көтөрүү.** *Урманбет борбуюн көтөрүп алган соң дайнын таптырбай кетти* (Элебаев). *Ал жетимчелер баягыдай эмес, борбуюн көтөрүп адам болуп калышкан* («Ала-Тоо»).

**БОРГУЛДАН** Алка-шалка түшүп тердөө, көл-шал болуу. *Бир аз баскандан кийин, эти оор неме боргулданып тердеди* (Бектенов). *Шарип кысымга киргенде аябай боргулданган* (Бейшеналиев).

**БОРГУЛДАНТ боргулдан** этишинин аркылуу мамилеси. *Кулкандын ажарланган бетин боргулдантып тер баскан* (Бейшеналиев).

**БОРГУЛДАНУУ боргулдан** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРДО I** Малды байлоо, семиртүү. *Бодо малдарды интенсивдүү бордоп семиртүүнү уюштуруу боюнча чаралар көрүлүп жатат* («Кыргызстан айыл чарбасы»).

**БОРДО II** Агартуу, актоо. *Үзгүн аппак бордогон, этегин чачы тордогон* (Тоголок Молдо). *Үйдүн баарын окшотуп Акиташ менен бордоду* (Осмонкул).

**БОРДО III** Күчсүзүрөөк кызыл шараптын түрү. *Алыма чак бордо шарапка, Ашказанды аяп чегиндим* (Пушкин).

**БОРДОКУ** 1. Байлап семиртүүгө коюлган мал. 2. Абдан семиз мал. *Неме койбой эркегин, Бордоку койдой сойбосом* («Манас» С.О.).

**БОРДОЛ I бордо I** этишинин туюк мамилеси. *Жайлоо бышып, мал бордолуп, Ууз кымыз, коюу жуурат ыксыраткан* (Токобаев).

**БОРДОЛ II бордо II** этишинин туюк мамилеси. *Үйдүн тутуусу бордолуп жасаган ак кийиз, карга тырмак оюу* (Жантөшев).

**БОРДОО I бордо I** этишинин кыймыл атоочу. *Семирет, – деди Койчуман башын ийкеп, бордоого болот го дегендей кыялданып* («Ала-Тоо»).

**БОРДОО II бордо II** *этишинин кыймыл атоочу. Бордоого берилген кийиз.*

**БОРДОТ II бордо II** этишинин аркылуу мамилеси. *Кийизин аппак бордоткон, Кылымын артык оңдоткон* (Тоголок Молдо).

**БОРДУУ** Бору көп, тегинде бор бар, теги жагынан бору ачык байкалып турган, акиташтуу. *Бордуу дөбөнүн түбүндө кичине гана темир жол станциясы турат* (Бөкөнбаев).

**БОРДЮР** *сүр.* 1. Жасалга композициясынын (килем, панно, стела ж.б) четин жээктеп турган тилке, кыюу. 2. Жолдун, көчөнүн эки жээгинде жасалган таш орноо. 2. Парк, бакча газондордун айрым бөлүктөрүн жээктеп турган өсүмдүктөрдүн жапыз жана кууш тилкеси.

**БОРЖОК-БОРЖОК** Көбүктөнүп быжырап көбүргөн нерсенин үстүнкү көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат. *Боржок-боржок көбүргөн бозо.*

**БОРЖОКТО** Боржок-боржок этип көбүү, көбүрүп көөп чыгуу. *Бир мискей боржоктогон сары каймак бозону көтөрүп келди* (Бейшеналиев).

**БОРЖОКТОО боржокто** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРЖОКТОТ боржокто** этишинин аркылуу мамилеси. *Шакар самынды боржоктото сүйкөп, мелүүн сууну чубурта куюп Батийна Гүлсүндүн башын жууду* (Сыдыкбеков).

**БОРЖОМ** Дарылыгы бар минералдык суу.

**БОРК** Боркулдап кайнагандагы дабышты билдирүүдө колдонулат. *Буламык боркборк этип кайнап жатты.*

**БОРКОК** 1. Тамак ичиргенде же ичкенде кийимин булгап койбос үчүн жаш баланын көкүрөгүнө тагылуучу көкүрөкчө. *Оттун боюнда төшүнө боркок тагылып, көжө ичип отурган кичинекей бала* (Каимов). 2. Энесин ээмп койбос үчүн торпоктун мурдуна төрт чарчы кылып тагып коюлган тактайча же жылкынын туягы. *Быйыл түштү жаңыдан, Мурдуңдагы боркогуң* (Тоголок Молдо).

**БОРКОКТУУ** Боркогу бар, боркокчон.

**БОРКОЛДОЙ** Кашкулактын баласы.

**БОРКОЧОР** Бир жашар тоо теке.

**БОРКУЛДА** Борк-борк этип кайноо. *Чоң казанда эт боркулдап кайнап жатат* (Каимов).

**БОРКУЛДАТ боркулда** этишинин аркылуу мамилеси. *Чакага этин эбак боркулдатып, Жолоочу айланчыктап басып жүрдү* (Токомбаев).

**БОРКУЛДОО боркулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРОДОЙ** Бодурайган, оркойгон, оркогой. *Мурунуна караса Борчуктуу тоонун бородой* («Эр Төштүк»).

**БОРОЗ I** Кош айдаганда соко жүрүп кеткен жол, соконун жерди кантарып кеткенден кийинки изи. *Алымкул башын көтөрбөй буурсун жиреп бараткан бороздон көзүн албады* (Абдукаримов).

**БОРОЗ II** *сүйл.* Көзүр эмес, жөнөкөй (карта жөнүндө).

**БОРОЗ III** 1. Каны кайнап кызуулануу. 2. Сезимталдуу абалга келүү. *Бороз болуп кара бет* («Семетей» С.К.).

**БОРОЗДО I бороз I** менен бирдей. *Сокону, өгүздөрдү бороздого таштаган бойдон жөнөдүк* (Айтматов). *Алиман аларды кайрып келди да сокону кайра бороздого салды* (Айтматов).

**БОРОЗДО II** Бороз боюнча жүрүү, борозго салуу. *Бороздоп сугаруу.*

**БОРОЙ I** Бурганак, бороон, борошо. *Нөшөрдө да, боройдо да Малын багат дем ме-*

*нен* (Токомбаев). *Дайым шамал анда дайым ышкырык, Кээде борой, балким анын сыры бар* (Токомбаев). *Борой-борой күн жааса да Малын багат дем менен* («Сейтек»).

**БОРОЙ II ат бороюн сыдыруу** Ат арытып жол жүрүү, дайым ат үстүндө болуу. *Мен көргөмүн далай жер, ат бороюн сыдырып* («Манас»). *Ат бороюн сыдырып, Дүйнө жүзүн чалчу экен* («Манас»). *Ат бороюн сыдырып, Жердин жүзүн кыдырып* («Эр Төштүк»).

**БОРОЙЛО** Бурганактап, бороондоп жаап кирүү, борошолоо. *Кар боройлоп, шумдуктуу бороон чар, тараптан сокту* (Жантөшев). *Будуң чаң түшүп, бороону боройлой берди* (Убукеев).

**БОРОЙЛОО боройло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРОЙЛОТ боройло** этишинин аркылуу мамилеси. *Кеч курун кар боройлоткон катуу шамал болушу мүмкүн* (Жантөшев).

**БОРОКТО** Борк-борк этүү, боркулдоо. *Ошол кезде казанда Эт кайнады бороктоп* (Токомбаев).

**БОРОКТОТ** борокто этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРОҢ: кара бороң эт** Майы жок эт.

**БОРООН** Кар аралаш соккон катуу шамал. *Түн бою бороон боздоп, кар лапылдатып уруп турду* (Байтемиров). *Күзгү түн Кара бороон согуп турду. Карышкыр капчыгайдын улугандай* (Бөкөнбаев). *Темир аяз тышта бороон күрүлдөйт* (Токомбаев).

**БОРООН КҮПТҮ ТАЙ** Кышында суукка карматып, күптү болуп, арык болуп калган тай. Жалпы эле: арыктап, көк шилти болуп калган мал же киши. *Илгери бир жыл бир короо бакса, ары кеткенде алары бороон күптү бир тай болор эле* (Убукеев).

**БОРООНДО** Бороон-чапкын болуу, бороон болуу. *Боз туман уйгу-туйгу, кар бороондоп* (Осмонов).

**БОРООНДОО бороондо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРООНДОТ бороондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРООНДУУ** Бороон-чапкындуу, бороон болуп турган. *Бороондуу күндө жоготуп, Издетпедим ботойду* (Тоголок Молдо).

**БОРООНДУ КҮНҮ БОК КЫЧАЙТ** Абал кыйын болуп турганда, башка бир иштин кыстап турганында айтыла турган лакап сөз.

**БОРОС** Бойдок, көзү бозоргон. *Бедөөгө минген Карача, борос болгон Кардыгач, аттан оодарышып ойноду* («Эл адабияты»).

**БОРОШО** Бороондоп жааган кар, бурганак. *Алты күнү көз ачырбайт борошо, Айыл калды бир-бирине каттабай* (Токомбаев). *Борошого бастырылган майда бадалдар дөмпөйөт* (Каимов).

**БОРОШОЛО** Кар боройлоп жаап кирүү, борошо болуу. *Жол көрүнбөй мелтиреп, Борошолоп шыбыргак* («Эр Табылды»). *Кары калыңдап, бороону борошолой берди* (Убукеев).

**БОРОШОЛОО борошоло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРОШОЛОТ борошоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРОШОЛУУ** Борошо болуп турган. *Сен уктасаң борошолуу түндөрдө, Ал уктабай байлыгыңды күзөтөт* (Токомбаев).

**БОРОШОН борошо** менен бирдей.

**БОРПОҢ** Борпоң, көпшөк. *Жер, суу, ой, тоо – бары да борпоң, жумшак ак кардын кучагында* (Баялинов). ‖ Жүүнү бош, кайраты жок, чымыр эмес. *Э теңир, биздин балдар эмне май болпоч, борпоң, – дейт Сатылган бай* (Сыдыкбеков).

**БОРПОШО** Жаш малдын этине тууралган жашылчалар кошулуп майга куурулган соң суу куюлуп бышырылган сорполуу тамак. *Алматай эми өрүлүктөп келгендерге улам жаңы казан асып, борпошо жасайт* (Осмоналиев).

**БОРПУЛДА** Көпшөк, жумшак нерсе, чаң ж.б. борпоң абалда же буртулдаган абалда болуу. *Бутагы морт, өзү жумшак борпулдап* (Калык).

**БОРС** Күлгөндө же күчүк үргөндө чыккан кыска дабышты билдирүүдө колдонулат. Аз *ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт, Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт* (Осмонов). *Ок жетпес асманга карап, борс-борс үрдү* (Сыдыкбеков).

**БОРСОГОЙ** Борсойгон, бою кичирээк келген тоголок.

**БОРСОЙ** Болтойгон көрүнүштө болуу, томолок тартуу, төмпөйүп, бөлтөйгөн көрүнүштө болуу. *Кызын кучактап моокуму кангандан кийин, борсоюп уктап жаткан Тараска бурулду* (Убукеев). *Мурду боорсоктой борсойгон кичинекей кызыл тоголок бала* (Сыдыкбеков).

**БОРСОЙТ борсой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРСОЛДОЙ** Кашкулактын баласы, борколдой.

**БОРСОНДО** Борс-борс этип сүйлөө, күлүү, үрүү. *Борсоңдогон чоңураак, баласы ары-бери жүгүрөт* (Токомбаев).

**БОРСОНДОТ борсондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРСОЮУ борсой** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРСУ** Сасык жыттанып кетүү, бузулуп сасый баштоо, бүкшүү. *Атабектин кымызы борсуп калуучу* (Жантөшев).

**БОРСУЛДА** Борс-борс этип күлүү же үрүү. *Жарыша чуркап жамгырда, Борсулдап балдар күлүшөт* (Токомбаев). *Коңшу үйдүн көк күчүгү борсулдап, куйругун шыйпаңдатып, эркелей кетти* (Баялинов).

**БОРСУЛДАТ борсулда** этишинин аркы-

луу мамилеси.

**БОРСУЛДОО борсулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРСУТ борсу** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРСУУ борсу** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРТ** 1. Каптал, жан. Кеменин, автомобилдин жана самолёттун каптал жагы.

**БОРТКОК** *диал.* **боркок** менен бирдей. *Мында көчүп келгенден бери саанчылардын колунан чака, алдынан борткок түшпөптүр* (Убукеев).

**БОРТМЕХАНИК** Учкучтар экипажынын курамына кирүүчү жана приборлордун, аппараттардын, мотордун иштери жана алардын жабдылышы боюнча милдеттүү адам.

**БОРТОНОЙ** *диал.* 1. Чыптама. *Бортонойду керегенин башына илип койду.* 2. Жаш балдардын эки кат, жеңи чолок жеңил кийими.

**БОРУГУУ борук III** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРУК I** Эки жаштагы эркек кой. *Куйругу чарадай ак төбөл кара борукка бата айтылды* (Сыдыкбеков).

**БОРУК II** *диал.* Майда камыш.

**БОРУК Ш** Демигип көл-шалга түшүү, аба жетишпей демигип тердөө. *Жабуусуна боруккан баланын үнү угулуп, термелген бешик кычырайт* (Жантөшев). *Динар тентек чуркай берип боругуп калар бекен* (Сыдыкбеков).

**БОРУКТУР борук III** этишинин аркылуу мамилеси. *Этек-жеңиме асылып чуулдаган кишилер боруктуруп жибере жаздашты* (Токомбаев).

**БОРУЛДА** Бор-бор этүү, боркулдоо. *Борулдап казан кайнаса, Оттун көркү жалында* («Мендирман»).

**БОРУМ** Кебете-келбет, тышкы көрүнүш. *Борумуңдан, боз бала, Боздотпочу садага* (Осмонов). *Борумуңар башкача, Кайсы жерлик элсиңер* («Мендирман»).

**БОРУМДА** Кооздоо, сулуулоо түрлөнтүү, ар кандай формага келтирүү. *Жакут таштан жардырган. Босогосун борумдап, Маңдайына салдырган* («Сейтек»). *Кыздар сулуу көрүнөт, Кулагына борумдап, Алтын сырга тагынса* (Осмонкул).

**БОРУМДАТ борумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОРУМДАШ борумда** этишинин кош мамилеси.

**БОРУМДОО борумда** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРУМДУУ** Келишимдүү, келишкен, сымбаттуу, сындуу. *Борумдуу жигит.*

**БОРЧ** 1. Карыз, насыя, бересе. *Дыйкандын түбү – кенч, соодагердин түбү – борч* (макал). *Насыя-борчту көтөрсөң, Айлыңдан доон кетеби* («Эл адабияты»). 2. Милдет.

**БОРЧО** Бөлүк-бөлүк, тилке-тилке бөлүкчө. *Борчо-борчо кесилген эт. // Жүрөктү борчо тилгилеп, Кыргынга кирди кезигип* (Токомбаев).

**БОРЧОЛО** Борчо-борчо кылып кесүү. *Этти борчолоп кесүү.*

**БОРЧОЛОО борчоло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОРЧТО** Карыз алуу, карызга алуу.

**БОРЧТОН борчто** этишинин өздүк мамилеси.

**БОРЧТУУ** 1. Карыздар, бересеси бар, береселүү. 2. Милдеттүү. *Кызыл аскердин керегин берип, кемтигин толтурууга борчтуубуз* (Сыдыкбеков).

**БОРЧУК** Уркуюп учтары чыгып турган таш, арсак-терсек болуп турган аска таштар, уркуюп бөлүнүп чыгып турган уурчук. *Ак кыянын үстү жагы адам өткүс шагыл, куюлма таш, борчук* (Жантөшев). *Мен тетиги борчуктун шилисине барып отурдум* (Жантөшев).

**БОРЧУКТАН** Борчук болуп уркуюп чыгып туруу. *Борчуктанган аска таштар.*

**БОРЧУКТУУ** Борчук-борчук болуп турган, уңкул-чуңкулу, борчугу көп. *Тоонун кырлары балык жон тартып дүңкүйүп, анан борчуктуу чокуларга айланып, андан ары тептегиз болуп созулуп жатат* («Ала-Тоо»).

**БОРЧУН** Жапайы өрдөк.

**БОРЩ** Кызылча, картошка ж. б. татымал кошулуп капустадан жасалган сорпо, суюк тамак. *Кашыгына сузуп алган борщту ууртап, чоң энем күлүп койду* (Сыдыкбеков).

**БОСОГО АТТОО** 1. Башка үйгө келин болуп келүү, туруктуу бүлө болуп калуу. *Мына быйыл жазда Айсалкын Майлыбайдын босогосун аттаганына он жыл болду* (Каимов). *Мен ушул үйдүн босогосун аттаганы эч жаманчылык көргөн жокмун, – деди апам* («Кыргызстан аялдары»). 2. Кандайдыр бир жакка (ишке, кызматка, окууга ж.б.) кирүү. *Алым менен Сабыр мектептин босогосун аттаганда мурдагы кылык-жоруктары акырындап четтей баштады* («Жаш ленинчи»). *Кызыбыз быйыл жогорку окуу жайынын босогосун аттады* («Ленинчил жаш»).

**БОСОГО** Эшиктин каалгасы бекитилген жыгачы, каалганы кармап турган кашеги. *Жер босого. Шейше босогодо сүйөнө кыймылсыз турат* («Ала-Тоо»). *Эриңе ишенгенче, эки босогоңо ишен* (макал). // Каалгага бекитилген эшиктин туташтырып турган астыңкы туура жыгачы, эшиктин кире бериш жери, ирege. *Карып босогодон аттап тышка чыкты* (Абдукаримов). *Босогодо жаткан куурайдан кучактап келип, коломтонун боюна таштады* (Бөкөнбаев).

**БОСОГОЛОШ** Эшиктеш, үйлөрү же турган жерлери бири-бирине абдан жакын. *Босоголош далай конушта отурдук.*

**БОСОГОСУН ЖЫРТУУ** *к.* **эшигин жыртуу.**

**БОСС** Кожоюн, башчы.

**БОСТЕК I** Кыргоолдун ургаачысы. *Типтик учуп зыркырап, Учуп калды чоң бостек* («Семетей»).

**БОСТЕК II** *диал.* Көлдөлөң. *Сейде эски бостекти сүйрөп келип, мукул тыттын көлөкөсүндөгү таардын үстүнө жая салды* (Касымбеков).

**БОСТОК** Суу жетпей какыраган жер. *Тоодак сенсиң бостогу Тоо бүркүтмүн колдогу* («Эл адабияты»).

**БОСТОН I** 1. Жогорку сорттогу жүндөн токулган костюмдук кездеме. *Жердиги бостон, жакшы кездемеден экен.* 2. Жай бийлөөчү вальстын бир түрү.

**БОСТОН II** *диал.* 1. Мөмө багы. 2. Чарбак. *Бостондун ичинде эмне кааласаң баары бар.*

**БОТАГАРЫ** Алгыр куштун байлаган жериндеги жумшак төшөмөл.

**БОТАЛА** Чамбыл ала, чаңга, кирге аралашкан. *Кызыңыз ботала-сотала болуп жүрсө жакшы болобу?* («Кыргызстан аялдары»).

**БОТАНИК** Ботаника боюнча адис.

**БОТАНИКА** Өсүмдүктөр жөнүндөгү илим.

**БОТАНИКАЛЫК** **ботаника** дегенге таандык. *Ботаникалык бак.*

**БОТИНКА** Кыска кончтуу, боо өткөрүлүп бүчүлөнчү бут кийим. *Окшош ботинка кийген берки экөө жердешинен сөз күтүштү* (Бейшеналиев).

**БОТКО** Түрдүү дан өсүмдүгүнөн: буудай, арпа, күрүч, таруудан ж.б. буламык сыяктантып жасалган коюу тамак. *Жалгыз таруу ботко болбойт* (макал). *Үчөө кээде сорпо ичип, кээде ботко жешет* (Сасыкбаев).

**БОТКОК** Өсүмдүктөрдүн баш алууга, дан алууга, гүл ачууга жакындаганда пайда болгон бөлүгү, богогу. *Боткогун жарып түркүм гүл Шерлерге карап күлгөнсүйт* («Мендирман»). *Ботоктой боюң көрсөтүп, Боздотуп кайда кетесиң* («Эл адабияты»).

**БОТКОКТО** Боткок пайда болуу, богок алуу. *Тал боткоктоп, өрүктөр гүлдөгөн мезгил эле* («Ала-Тоо»).

**БОТКОЛОН** Абдан ылайлануу, ылай болуу, чамбыл болуу. *Топурак кызыл камыр түрүн алды, Жуурулуп тепсендиде ботколонуп* (Токомбаев). *Борчо-борчо көйнөгү Ботколонуп кирдеди* (Осмонкул).

**БОТКОЛОНТ** **ботколон** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОТКОЛОНУУ** **ботколон** этишинин кыймыл атоочу.

**БОТО I** 1. Төөнүн тайлакка чейинки жаш төлү. *Боздоп келип чакырат Ботолорун төөлөрү* (Токомбаев). 2. *өт.* Бала. *Курсакта калып кул болгон, Жедигерге уул болгон, Семетейдин ботосу, Карааның Сейтек мен болом* («Сейтек»).

**БОТО IV** *же* **бото кур** 1. Орто кылымда Самарканда пахтадан токулган кездеменин бир түрү, ага алтын жип кошулуп согулган, андан кур, селде жасалган. 2. Кооздолгон баалуу кур, жибек кур. Кур катары пайдаланылган жоолук, чүпүрөк, кездеме да бото кур деп атала берет. *Мойнуна бото салынып* («Манас» С.О.). *Мойнуна бото салды ак байгамбар, Кол жайып койдой чуулдап саапалар* («Эл адабияты»). *Саймалуу калпак, бото кур* («Манас»).

**БОТО КӨЗ** Бадырайган, жоодураган, балбылдаган, көзү чоң. *Сурмалуу бото көзүң жаркылдаса, Бозойдун жүрөгүнө бербейт маза* (Токомбаев). *Оймок ооз, бото көз* («Манас» С.К.).

**БОТО САЛУУ** *к.* **Мойнуна бото салынуу.**

**БОТОДОЙ БОЗДОО** Сай-сөөктү сыздатып, жан кейиткен мундуу үн менен ыйлоо, муңканган аянычтуу үн чыгарып өксөө, буркурап ыйлоо. – *Атамдын убалына калбай абактан бошоткун! – деди күйөөсүнүн кылмышын сезип калган Зейнеп ботодой боздоп* (Акматов). *«Бекташ деп жүрүп мен да ырыскымдан куру калбайын» деп ботодой боздоп, байкуш келин балам балдарын жетелеп, төркүнүнө басып кетти* (Талканбаев). *Айша атасынын тизесин кучактап, ботодой боздоп ийди* (Мырзаев). *Ботодой боздоп буркурап, Жылганы бойлоп кетчү эле, Сакадай болгон Зейнеп жан Көзүнүн жашын төкчү эле* (Шамшиев).

**БОТОЙ I** Бото (эркелетүү маанисинде). *Эки эмчегим тирсейтип, Эмизбедим ботойду* (Тоголок Молдо).

**БОТОЙ II** Бойтойгон, мотурайып-мойтойгон көрүнүштө болуу. *Экөө кол кармашып ботоюп, кулач уруп баратат* (Ашубаев).

**БОТОЙТ** **ботой** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОТОЛО** Бото туу төлдөө. *Бул ботолой элек төө экен* (Токомбаев).

**БОТОЛОО** **ботоло** этишинин кыймыл атоочу.

**БОТОЛУУ** Ботосу бар. *Ботолуу төө.*

**БОТОМ** Чочуганда, таң калганда колдонулат. – *Ботом, сен каякка жоголдуң? – деген Курманын үнү чыкты* (Каимов).

**БОТОСУ ӨЛГӨН ИҢГЕНДЕЙ** Абдан аянычтуу, кейиштүү ыйлагандай, зыркырапсыздап муңкангандай. *Абдыракмандын энеси ботосу өлгөн иңгендей букулдап, баласын жоктойт* (Каимов).

**БОТОЧУК** 1. Бото (кичинекейликти белгилеп көрсөтүү маанисинде). *Боточук жок ойногон үкүлөп шуру тагынып* («Мендирман»). 2. *өт.* Бала (эркелетүү маанисинде).

**БОТОЮУ** **ботой II** этишинин кыймыл атоочу.

**БОТУЛИЗМ** Ботулинус бактериясы пайда болгон бузулган тамак-аштан (көбүнчө колбаса, балык) катуу ууулануу.

**БОТЫ** Жаан-чачында туфлинин, ботинканын ж.б. сыртынан кийүүчү резинадан жасалган кончтуу бут кийим.

**БОЦМАН** Деңиз флотунда чарба иштерин тейлөөчү кенже командалык курамдын кишиси.

**БОЧКА** Цилиндр формасындагы түптүү, ичи кенен, алкагы бар жыгачтан же темирден жасалган челек. *Чоң-чоң бочка пиволор тикесинен тик туруп жез насостордун шарпылдаган үнү чыкты* (Сасыкбаев). *Тиги кандай үй?– деп сурап калды Алымкул, арыктан бочкага суу куюп жаткан өзбектен* (Абдукаримов).

**БОЧКАЛАП** Бочка менен, бочканы колдонуу менен. *Бочкалап суу ташыйбыз.*

**БОЧКЕ** *туурасы:* **бочка.**

**БОЧОК** Коон-дарбыздардын кабыгы, таштандысы. *Коонго бочоктун зарылдыгы жок* (макал).

**БОЧТО** *туурасы:* **почта.**

**БОШ** Ичи куру, ичинде эч нерсеси жок. *Кызыл үйдүн ичи каңгырап бош* (Баялинов). *Бермет бош көнөчөктү алып үйүн көздөй басат* (Сыдыкбеков). 2. Кандайдыр ишке, жумушка тартылбаган, бекер. *Илгеркидей бош жүрбөй, Ырчылар жыйнак жазалык* (Осмонкул). 3. Байланууда, кайтарууда эмес, эркин. *Сары талааны кар басты, Бош жүргөн малдын карды ачты* (Осмонкул). 4. Ээленип же менчиктелип коюлбаган. *Мен буфеттен кисель, каймак алдым да Катарынан сурап койдум бош жайды* (Токомбаев). // Жүксүз, жүк жүктөлбөгөн же үстүнө бир нерсе салынбаган. *Аккуланы бош коштоп, Аргымакты жалпөштөп* («Манас»). ‖ Ээн, эгини, бак-дарактары, үйлөрү ж. б. жок. *Мурун бош жер эми кандай?* (Маликов). 5. Бошоң, бири-бирине катуу бирикпеген, катпаган, көпшөк. *Топурагы бош экен оңой эле казып коюуга болот* («Жаш ленинчи»). 6. *өт.* Борпоң, чыйрак эмес, кайратсыз, жумшак. *Шайманы бош.* ‖ *Жүрөгү майсыз, мууну бош Жаманды эмне кыламын* («Манас»).

**БОШ КЕЛБӨӨ** Оңой эмес, жеңил-желпи жеңилип берчүдөн эмес, өтө чыйрак, тыкан, тың. *А Шамбет байкеңер да бош келгени жок* (Сыдыкбеков). – *Оо, уу, Каруста бош келбейт. Чегелеп коноздогон экен* (Осмоналиев). – *Мейман бош келбей калды. Аны бозонун тамашакөйүбү деп болжогон Абдыраман ыраазылыгын билдирди* (Каимов).

**БОШ ООЗ** *к.* **ачык ооз.**

**БОШКО** Бекерге, курулай, кур бекер. *Мен сиздин мээнетиңиздин бошко кеткенине күйөм* (Каимов).

**БОШО** 1. Бош калуу, кызматтан, иштен түшүү. *Тилегиме каршы, начальнигим кызматынан бошоду* (Каимов). ‖ Белгилүү бир мөөнөттөгү милдеттүү кызматты өтөп бүтүү. *Быйыл күз аскерден бошоймун* (Сыдыкбеков). ‖ Жумуш иштелип бүткөндөн кийин же белгилүү бир убакытта, арачолодо бош болуу, өз бетинче болуу. 2. Идишти же башка бир нерселерди ичиндегилерден арылтуу, ичи бош же ээн болуп калуу. *Айдай чоң көнөчөктөгү кымызды бошогон нерселерге мелтилдете куят* (Каимов). ‖ Азаюу, бошоп же абдан аз боло түшүү. *Омор кере уургаганда аяк капортосуна жакын бошой түштү* (Сыдыкбеков). 3. Боштондук алуу, эркиндикке чыгуу, эзүүдөн, кулдуктан, эрксиздиктен, ж. б. кутулуу. *Калкыма качан кетемин, Камактан бошор бекемин* (Токтогул). ‖ Кармалып жаткан абалдан кутулуу. *Эркин зорго дегенде Каныбектин карышкан кучагынан бошоду* (Жантөшев). *Бир булкунду да тигинин колунан бошоду* (Байтемиров). 4. Бош, борпоң болуп калуу. *Шыкалып шынаа келген соң, Топурак бошоп чыгыптыр* (Маликов). ‖ Алы кетүү, алсыздануу. *Бошоп кетип баратат Курманбектин шайманы* («Курманбек»). ‖ *өт.* Кайрат кылбоо, кайратсыздануу. *Мен ыйлап бошой берсем, келиним ого бетер турмуштан жерибейби?!* (Айтматов). *Жеримди көрсөм жашыймын, Муунум бошоп тура албай* (Барпы).

**БОШОН** **бошо** этишинин өздүк мамилеси. *Менин жашым алтыларга келгенде, Чоң атабыз малайлыктан бошонгон* (Токомбаев).

**БОШОҢ** Бош, алсыз, бекем эмес, борпоң. *Кени уратылган жердин төбөсү бошоң болгондуктан, тирелген карагай бағаналар жоон экендигине карабастан күү дей түштү* (Сасыкбаев). // Кайратсыз, начар. *Калкына пайда келтирбейт, Кары-жаштын бошоңу* (Үсөнбаев).

**БОШОҢДО** Бошоо, начарлоо, алсыздануу, кайраты качуу. *Эх жер ай… жерин эри сагынганбы?.. Бошоңдоп анын муун тамырлары* (Осмонов).

**БОШОҢДОТ** **бошоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**БОШОҢДУК** Боштук, кайратсыздык, жумшактык, начарлык. *Сен ал ишке бошоңдук кылып койдуң.*

**БОШОҢКУ** Бошоңураак тарткан, бошураак. *Анын бошоңку түрү Ашырга жакпады* (Сасыкбаев).

**БОШОО** **бошо** этишинин кыймыл атоочу.

**БОШОТ** **бошо** этишинин аркылуу мамилеси. *Табылдыны бошотуп, Тазалап жүзүн жууду эми* («Эр Табылды»). *Жумушчу көмүрлүү вагонетканы бошотту* (Сасыкбаев).

**БОШОШ** Бошоо, бошоңку, алсыз болуп кетүү, мууну бошоп же жашып кетүү. *Бо-*

*шошуп каңырыгы түтөп кетти, Арманы түйлагандай ичке сыйбай* (Абдыраманов).

**БОШОШУУ** **бошош** этишинин кыймыл атоочу.

**БОШТОН** Бош, бекер, эркин. *Башың боштон кезинде Эми байга кармалба* (Тоголок Молдо). ‖ Боштондук. *Айыбынан куткарып Башына боштон берди эми* («Саринжи-Бөкөй»).

**БОШТОҢ** *туурасы:* **боштон.**

**БОШТОНДУК** Эркиндик, азаттыкка чыккандык, теңдик. *Панардай жанып боштондук, Бактыбызга туулду* (Токтогул). *Өмүрлүккө боштондуктун кең жолун өз тууганың улуу орус эл берди* (Осмонкул).

**БОШТОНЧУЛУК** Бош болгондук, бекерчилик.

**БОШТОО I** Бошонураак, жүүнү бош. *Балам, акылдан боштоо жансың го* («Сейтек»).

**БОШТОО II** *туурасы:* **почта.**

**БОШТУК** 1. Бошондук, тыкан эместик. *Боштук кылуу. Мүнөзү боштук.* 2. Ээндик, бош экендик. *Ажырым арабызда болбойт боштук* (Токомбаев).

**БОЮ** Атооч жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен айкашып, мезгил, өлчөмдү билдирүүдө колдонулат. *Кыш бою уктап жаткан жан жаныбар, Ойгонуп келгин жазды куттуктаашты* (Үсөнбаев). *Татыбек жыйырма күн бою тынбай иштеди* (Байтемиров). *Аркан бою.*

**БОЮ ЖИБҮҮ** Кандайдыр бир нерсеге ыраазы болгондой эргип, дене бою жазыла түшүү, элжирөө, сүйүнүү. *Жылуу достукту билгизүү менен айтылган сөзгө Пашанын бою жибий түштү* («Ден соолук»). *«Макул» деген сөздү укканда Сатардын бою жибип кетти* («Ала-Too»). *Комуздан чыккан күү ажайып көрүнүштө көз алдыга тартканда, бою жибий түшкөн оорулуу жигит жылмайды* (Каимов).

**БОЮ СУУ** Иренжүү, көңүлү калуу, муздай түшүү. *Ушунчалык тоң мамилеме боюң сууган жокпу, Курманбек?* (Бейшеналиев).

**БОЮН ТАШТОО** Муун-жүүнү бошоп шалдая түшүү, шайы кетип алсырагандай сезүү, өзүн кармай албай мууну бошой түшүү. – *Акыл-эсинен адашкан мен байкушту кор кылбай үйдү таап келгениңе ыракмат! – деп, кер жоргонун көкүлүн сылап, үйгө жеттим го дегенсип Атай боюн таштап жиберди* (Каимов). *Айрымдары боюн таштап жиберип, шалдайыңкы турушту* (Ашымбаев).

**БОЮНА БҮТҮҮ** Кош бойлуу болуу, боозуу. *Эгер жыл айланбай боюма бүтүп, төрөп койбосом, күйүттөн эле тындым болот элем... Бала үчүн гана жашап жүрөм* (Каимов).

**БОЮНА ЖУУБОО** Чак келбөө, чоң келүү. *Ой, байкуш оой, муну эмне кыласың, шөлбүрөтүп, деле боюңа жуубайт* («Чалкан»).

**БОЮНА ЖУУТПОО** Өзүнө жакындатпоо, жолотпоо. *Бирок, шыңга бойлуу ак сур кыз бир да жигитти боюна жуутпады* (Укаев).

**БОЮНА ТАРТУУ** *к.* **бооруна тартуу.**

**БОЮНАН БОШОНУУ** Төрөө, төрөп алуу, көз жаруу. *Гүлжандын боюнан бошонуп алганына он күндөй убакыт болгон* («Чалкан»). *Жеңем боюнан бошонуп, тыңыйын деп калган* («Ала-Тоо»).

**БОЮНАН ТҮШҮҮ** Бала төрөлөр убактысына, айына жетпей төрөлүү, ичтен өлүү түшүү. *Камканын боюнан түшүп калышы туугандарын өкүттө калтырды* (Сыдыкбеков). *Келиндин боюнан түшүп калды.*

**БОЮНЧА** 1. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракеттин бир нерсеге ылайык же бир нерсеге жараша экендигин, бир нерсеге негизделгендигин белгилөөдө колдонулат. *Устав боюнча тийиштүү жазаны берүүңүздөрдү сурайм* (Байтемиров). *Ахунжан бүгүн башкарманын тапшыруусу боюнча жип-шуу алып келиш үчүн шаарга кеткен* (Байтемиров). 2. Жалпылоо, чектөө маанисинде колдонулат. *Быйыл район боюнча ири алдыга чыгышпадыбы* (Байтемиров). 3. Атоочтуктун ***-ган*** мүчөсү менен айкашып, көбүнчө мезгилди, белгилүү бир абалды, себепти ж. б. билдирүүдө колдонулат. *Кеткен боюнча келген жок. Текилдеген боюнча жүгүрүп кетти. Корккон боюнча айтыптыр.*

**БОЯРИН** 18-кылымдардагы Россияда башкаруучу класска кирүүчү чоң феодал. *Петр I көптөн бери боярларга ичи жылыбай жүргөн (Толстой).*

**БӨБӨК** Жаңы төрөлгөн же эмчектеги бала (улуу бир туугандарына же жалпы эле улууларга карата). *Алдей, алдей, бөбөгүм! Алдымдагы өбөгүм* (Үмөталиев). ‖ Жалпы эле өспүрүм жашка чейинки балдарга же өзүнөн алда канча кичүү жаш балдарга, инилерге карата жалпылап айтуу үчүн колдонулат. *Отундан кайткан Карлыгач бөбөгүн издеп таппайт, ыйлайт* (Каимов). *Бөбөктөрдү окутамын, мугалим болом деп жүрөт* (Сыдыкбеков). *Пайдаң тийди бир канча, Акын Калык, бөбөгүм* (Токтогул).

**БӨГӨ I** Чүкөнүн көмкөрөсүнөн тургандагы абалы, бөк. *Бөгө түшкөн чүкө* Бутуколу бооруна жыйылып, көмкөрөсүнөн бүк түшкөн абал. *Бөгөсүнөн бөктү дейт, Көздөн жашың төктү дейт* («Эр Төштүк»).

**БӨГӨ II** 1. Туурасынан тосуп калуу, бууп салуу. *Жолду бөгөп чеп кылган экен* («Эр Төштүк»). *Эшилме кара топурактар бир-тикеден кийин түрмөктөлөт да сууну бөгөй баштайт* (Таштемиров). 2. *өт.* Тоскоолдук кылуу, жолтоо болуу. *Чоң жээн мындан ары жолумду бөгөбөсүн,– деди Батийна* (Сыдыкбеков). *Кимдир бирөө анын*

*бактысын бөгөдү* (Каимов).

**БӨГӨЖҮ** Тушоо.

**БӨГӨЖҮЛӨ** Майда кадам менен араң басуу.

**БӨГӨЛ бөгө II** этишинин туюк мамилеси. *Бөгөлгөн таштарга урунуп сайда шаркыраган суунун шарын тыңшагансып Данияр козголбойт* (Айтматов).

**БӨГӨНӨК** Малдардын канын соруп, чагуучу чымын. *Баятан бери аттардын мурдуна кире калып, курсагына жабышып, тынчын кетирген бөгөнөктөрдөн эми бири да жок* (Байтемиров).

**БӨГӨӨ бөгө II** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨГӨӨЛ бөгөт I менен бирдей.**

**БӨГӨӨТ** *туурасы:* **бөгөт I.**

**БӨГӨТ I** 1. Тосмо, өткөрбөй бууп тоскон тоскоолдук. *Арыктагы шар аккан суу бөгөт ташка урунуп жатты* (Осмоналиев). 2. *өт.* Тоскоол, жолтоо. *Сенин бактыңа-бөгөт болоюн деген менде такыр ой жок, – деди Жапар Жамилага* (Баялинов). *Айдайдын жаркыраган келечегинин жолуна кандайдыр бир бөгөт пайда болгонсуду* (Каимов).

**БӨГӨТ II бөгө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨГӨШ бөгө** этишинин кош мамилеси.

**БӨГҮ** *же* **БӨКӨ** Чаар-ала, ала-була болгон күчтүү инген, төөнүн ургаачысы. *Төөдөн бөгү чаар инген, чаар ингенди бергин алайын, ата (Фольк.)*

**БӨГҮЛ бөк** этишинин аркылуу мамилеси. *Бөксө менен бөгүлүп, бөгүп келди Кумайык* (фольк.).

**БӨГҮҮ бөк II** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨДӨНӨ** Көбүнчө эгин талааларында, чөп арасында жүрүүчү кичирээк илбээсин куш. *Ок жетпес бөдөнө учурду* (Сыдыкбеков). *Бөдөнөнүн үйү жок, кайда жүрсө быттыпылдык* (макал).

**БӨДӨНӨДӨН КӨТӨН АРТТЫРГАН** 1. Өтө эпчил, илелүү, амалдуу (сөзмө-сөз: бөдөнөнүн кымындай этинен да бир нерсе өөнөп, арттырып калууга эпчилдик). 2. Ашкере зыкым. 3. Обу жок.

**БӨДӨНӨДӨН КУЙРУК ЧЫГАРУУ** Болбогон нерселерди ойлоп табуу, өтө эпчил, кыйын экендигин көрсөтүү. *Ал ошондой бөдөнөдөн куйрук чыгарат.*

**БӨДӨНӨНҮН СҮТҮ** Ичкилик, ичимдик, арак. – *Кожоюн, – деди Токтогул жай ээсине акырын үн сала, – бөдөнөнүн сүтүнөн жокпу?* (Касымбеков). *Эмесе сиздин келгениңизди угуп, сүйүнгөнүмдөн ошо бөдөнөнүн сүтүнөн кичине кылт этип койгом* (Тойбаев). *Түркүн бөдөнөнүн сүтүнөн кылт жутуп, кызып алган* (Бейшеналиев).

**БӨДӨӨ** *туурасы:* **бедөө.**

**БӨЖӨ** *диал.* Жөжө, балапан.

**БӨЖӨЙ** Бүжүрөп, бүрүшкөн абалда болуу, бөйтөйгөн кебетеде болуу. *Назгул бөжөйүп ак жакалуу жууркан ичинде* (Бейшеналиев).

**БӨЖӨЙТ бөжөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЖӨЙҮҮ бөжөй** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЖӨК** Коёндун баласы. *Коён туур замат эркек бөжөктөрүн мен багууга макул болдум* («Жаш ленинчи»).

**БӨЖӨКТӨ** Бөжөндөө. *Билдиңерби муну деп, Ар кимге барды бөжөктөп* («Саринжи-Бөкөй»).

**БӨЖӨКТӨӨ бөжөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЖӨҢ-БӨЖӨҢ** Бөйпөндөгөн көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Гуля бөжөң-бөжөң этип чуркап жүрөт.*

**БӨЖӨҢДӨ** Бөйпөлөңдөө, бөжөң-бөжөң этүү. *Карабек бөжөңдөй басып, утурлап эки колун бооруна алды* (Жантөшев).

**БӨЖӨҢДӨӨ бөжөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЖӨҢДӨТ бөжөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЖҮ** Майдалап ылдам жорголоо. *Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт* (Бейшеналиев).

**БӨЖҮЛДӨ** 1. Бөжүп катуу жорголоо. *Тенти минген элик баш, тору эти кызыган сайын ээлигип, эңкейиште бөжүлдөгөн жоргосун чыгарат* (Убукеев). 2. Майдалап көп сүйлөө. *Козголуп койсом бөжүлдөп, Кошомат айтат Жыргалбай* (Калык).

**БӨЖҮРӨ** Кыбырап жай кыймылдоо, майдалаган, кибиреген кыймыл-аракетте болуу. *Кичинекей неме бөжүрөп, жай басканча чоң балдар кыйла кырдан аша чабар* (Таштемиров).

**БӨЖҮРӨӨ бөжүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЖҮРӨТ бөжүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЖҮТ бөжү** этишинин аркылуу мамилеси. *Аңгыча карагер кунанын бөжүтүп Кычан жетип келди* (Бейшеналиев).

**БӨЖҮҮ бөжү** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЗ** 1. Жөнөкөй ак кездеме, мата. 2. Пахтадан кол менен токулган кездеменин түрү. Бул кездемени кыргыздар ак мал – деп да аташат. *Таар ордуна бөз тапкан. Эски пахта бөз болбойт* (Токтогул). *Күнүнө эки бөз токуп бүтүрөм* (Жантөшев).

**БӨЗЧҮ** Бөз токуучу киши. *Бөзчү бөзгө жалчыбайт* (макал).

**БӨЙ бөйөн** менен бирдей.

**БӨЙДӨ бөөдө** менен бирдей. *Жалпетеков бөйдө зыян тарткандыгына өкүнүп жүрүп отурду* (Убукеев).

**БӨЙДӨЙ КАРА** Өтө кара, капкара. *Бөйдөй кара балбаны* (фольк.).

**БӨЙДӨЙ КУУРУУ** Катуу кааруу, кысым

көрсөтүү, каарын төгүү, жемелей берүү. *Чоң болуштун корук курдуруудагы калайыкты бөйдөй кууурган зомбулугу не...* (Бейшеналиев). *Шамырбек датка тирүүсүндө элди бөйдөй куурурду* (Жантөшев). *Кызын үйдөн карыш жылдырбай, катын-балдарын бөйдөй кууруп кайтарууга салды* (Бейшеналиев). **В.: Бөй түшүрүү.** *Ошондон кийин болуштун залимдиги ого бетер күчөп, элди бөй түшүрөт* (Каимов). **Бөөдөй кууруу.** *Балдарынын баарын бөөдөй кууруп үйүнөн кууп чыкты* («Чалкан»). *Кыйды манап ишенген Кожосу менен ырчысынын колдорунан эчтеке келбей сокку жеп, жиңкини түгөнгөнүн билип, амалын өзү таап, аларын бөөдөй кууруп шарданды* (Бейшеналиев). *Таң аткыча үй-бүлөсүн бөөдөй кууруп, күндүн мурду жерге чачырай электе арыз жазганга отурду* («Чалкан»). **Бөйдөй тийүү.** *Ай, кагылайын Совет өкмөтүнүн ошондогу мага берген күчү ай! Бул жердеги бай, манаптарга бөйдөй тийдик* (Жантөшев).

**БӨЙДӨСҮНӨН бөөдөсүнөн** менен бирдей. *Бөйдөсүнөн кыздарымды жемелептирмин* (Баялинов).

**БӨЙӨН-ЧАЯН** Кургакта жашоочу, чагып алуучу курт-кумурскалардын, майда жандыктардын жалпы аты. *Ал жерде бөйөнчаяндар жана жылан кабылат* (Жантөшев).

**БӨЙӨҢ** Кургакта жашоочу, жөргөмүш сыяктуу зыяндуу, уулуу майда жандык. *Кара курт, бөйөн, чаяндан, Башканын жүрөр жери жок* («Мендирман»).

**БӨЙПӨЙ** Бойпойгон кичинекей көрүнүштө болуу. *Бөйпөйүп уктап жатат.*

**БӨЙПӨК-БӨЙПӨК бөйпөң-бөйпөң** менен бирдей.

**БӨЙПӨКТӨ бөйпөңдө** менен бирдей. *Өзүнөн иши «чоң» келсе, Бөйпөктөп кылат кошомат* (Маликов).

**БӨЙПӨЛӨҢДӨ** Бөжөңдөө, бөйпөңдөө, жасакерленип жагынууга аракет кылуу. *Ал мени көргөндө бөйпөлөңдөп калат.*

**БӨЙПӨЛӨҢДӨӨ бөйпөлөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЙПӨЛӨҢДӨТ бөйпөлөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЙПӨҢ-БӨЙПӨҢ** Майдалап бүжүрөгөн арышты, желгендей же жоргонун жүрүшүндөй кыймыл-аракетти, бөжөктөгөн мамилени билдирүүдө колдонулат. *Бөйпөңбөйпөң желдирип келе жаткан Ыманбай алдыңкы тумшуктан Кожого жете келди* (Сыдыкбеков).

**БӨЙПӨҢДӨ** 1. Бөйпөң-бөйпөң этүү. *Бөйпөңдөп, элпек баладай жүрөт* (Токомбаев). *Мария Николаевна бөйпөңдөп сыртка жөнөдү* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Кошомат кылуу, жасакерленүү. *Чегиртке ансайын бөйпөңдөй берди* (Сыдыкбеков). *Миң башынын алдында бөйпөңдөп байлар кошомат кылышат* (Абдукаримов).

**БӨЙПӨҢДӨӨ бөйпөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЙПӨҢДӨТ бөйпөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЙРӨГҮ ЧЫГУУ** Тоюнуу, курсагы тоюу. *– А-а-а, балакетиңди алайын, мурда эмненин жыргаганы? Бөйрөгүбүз чыга тамак иччү эмеспиз* (Жантөшев).

**БӨЙРӨГҮМДҮ ЧАБАЙЫН** Балдарга, кичүүлөргө карата же жалынып-жалбаруу иретинде колдонулат. *Ий бөйрөгүмдү чабайын!* (Сыдыкбеков). *Сербейген көлөкөм, бөйрөгүмдү чабайын, турагой, – деп жалбарган эне кызынын маңдайында отурат* («Ленинчил жаш»). *Колкомду, кош бөйрөгүмдү кошо чабайын* (Тойбаев).

**БӨЙРӨК** 1. Адамдын, жаныбарлардын заара бөлүп чыгаруучу органы. *Бөйрөгүнөн сезгенүү.* ‖ *Жүрсөңчү, шыйрак, бөйрөк жейбиз,– деп Зарлык Даниярдын санынан нукуп койду* (Бейшеналиев). ‖ Дененин ушул орган жайгашкан тушу. *Эркекыз шолоктоп ыйлагандай болсо, бөйрөктөрү солкулдайт* (Байтемиров). *Унтер-офицер эки бөйрөгүн таянып тура калды* (Жантөшев). 2. *өт.* Каптал, боор. *Жампанын чогуна лапылдап ысыган мештин бөйрөгү кыпкызыл* (Байтемиров). *Бөйрөгүндө кызыл гүлү бар бир чыныны ороп келип Мыскалдын алдына койду* (Сыдыкбеков).

**БӨЙРӨКТӨН ШЫЙРАК ЧЫГАРУУ** 1. Жок нерселерди ойлоп таба берүү, ойдо жок нерселерди чыгаруу, обу жок укмуштантуу. *Эптеп бирөөнү айыптагысы келгендер бөйрөктөн шыйрак чыгарышып, бүргөндөн май сызгырып алгылары келет эмеспи* (Жантөшев). *Кымыз иче берип, жүрөктөрү күйгөндө «бөйрөктөн шыйрак чыгарып», чоң кызыкты мына ушул жерден башташты* (Жантөшев). 2. Болбой турган нерсени тымызын болтуруу, өтө эпчилдик кылуу. *Сага окшоп бөйрөктөн шыйрак чыгарып, бирди экиге кошуп, чаңдап жүргөн чунак жок бул жерде* (Эралиев).

**БӨЙРӨКТҮҮ** Капталдары чыгыңкы, курсактуу, ичи чыгып турган. *Бөйрөктүү үй.*

**БӨЙРӨМЧӨ** 1. Көйнөктүн көкүрөк тилик жагынан астыңкы ачыгына бастыра тигилген узун кыйык. *Көйнөктүн бөйрөмчөсү саал жазыраак салынып калыптыр.* 2. Алгыр куштун боосунун астына кездемеден жасалып тагылган шакекче.

**БӨЙТӨГӨЙ** Бөйтөйүп турган, бойтойгон кичинекей.

**БӨЙТӨЙ** Бойтойгон кичинекей көрүнүштө болуу, бөрсөйгөн татынакай көрүнүштө болуу. *Бөдөнө баш бөйтөйгөн, Бөбөктөр эсен турдуңбу* (Элебаев). *Сатар бөйтөйгөн кичинекей оозун ачып, тиштерин жаркыратып турду* (Бейшеналиев).

**БӨЙТӨЙТ бөйтөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЙҮ бөйөн** менен бирдей. *Бөйү кууп, бөтөн жеп, Кара куртту калтырбайт* (Каралаев). *Жылан чаккан кайтат, бөйү чаккан кайтпайт* (макал).

**БӨК I** 1. Дөңчө, жондонуп кеткен дөңсөөчө. *Шибердүү бөктү жайлаган, Миңдеген кызыр байлаган* («Эл адабияты»). 2. Чүкөнүн көмкөрөсүнөн жаткандагы абалы, бөк.

**БӨК II бөктөрүнчөк** менен бирдей.

**БӨК III** Буту-колду жыйыра боортоктоп жаткан абалда болуу, бүк түшүү. *Карышкыр каршы алдында бөк түшүп жатат* (Каимов). *Бөгөсүнөн бөктү дейт, Көздөн жашын төктү дейт* («Эр Төштүк»). ‖ Тынч, былкылдабай жатып калуу, жашырынып кыймылдабай калуу. *Бөдөнө бөгүп калды.* ‖ Турбай жатып калуу.

**БӨКӨ** Балбан, күчтүү. Кээде алп, баатыр маанилеринде да айтыла берет. *Алтымыш бөкө балбаны, Араң жаап-ачуучу* («Манас» С.О.). *Дөө жеңбеген бөкөдөн, Көптөн коркпос жекеден* («Манас»). *Элде мындай бөкө жок* («Семетей»).

**БӨКӨН** 1. Сайгак, сайгактын ургаачысы. Эликтин ургаачысын да бөкөн деп атай беришет. *Бөкөнүн бөлүп атышып* («Манас» С.О.). *Кулан атып, бөкөн кууп, Таң-тамаша өткөрдү* («Манас»). 2. Чачтын же жылкынын куйругунун арасына чыккан жоон чач, жоон кыл. *Бөкөнү көп чач.*

**БӨКӨН ЖЕЛИШ** Ылдам, тез жүрүш. *Бөкөн желишке салуу.* **В.: Бөкөн жүрүш.** *Бөкөн жүрүшкө салып, ылдамдай келет.*

**БӨКӨӨЛ** 1. *тар.* Байыркы монголдордо: Чыңгызкандын черүүсүнө азык камдаган жана кандын эртели-кечки тамагын камдаган адам. 2. *тар.* Кийин бул сөз Бухара кандыгында: кандын ашканасы бакоул деп аталган. 3. *өт.* Ашмачы, тамак жасоочу деген мааниге да өткөн. 4. Бышкан этти устукандап табактарга бөлүштүрө билген адам. *Атайы бөлүнгөн жигиттер табак көтөрүшүп, ичкеридеги эт бөлчү бөкөөлгө киргенде, ал аштын үстүнө келип дасторконго отургандардын кары-жашына, кадыр-баркына карап устукан, чучук, карын, карта салат эмеспи* (Мавлянов).

**БӨКСӨ** 1. Жапызыраак тоо, жалпагыраак келген тоолордун үстү, бийик тоолордун төмөнүрөөк жагы. *Эки Таластын ортосунда Орток деп аталган бөксө тоо бар* (Каимов). *Аркар менен кулжасы Жайылып оттойт бөксөдөн* (Токтогул). 2. Толтура эмес, толук эмес. *Энеси пияладагы бөксө сууну уулуна сунду* (Сасыкбаев). 3. Бир нерсенин каптал жагы, капшыты, этегирээк жагы. *Ак тондун бөксөсү, Суу болуп шалпылдап* («Манас»).

**БӨКСӨЛӨ** 1. Бөксөлүү жер менен жүрүү, тоонун бөксөсү менен жүрүү. *Жийдегүл бийик тоону бөксөлөй чаап бара жатты* (Сасыкбаев). 2. Койду союп, ичеги-кардын алып салып, эттин өзүн гана бөктөрүнүү. *Бөктөрүнчөктөгү бөксөлөгөн козунун этинен алып отко салды* (Жантөшев). *Бөксөдөн козунун этин, бөксөлөп жакага түштү.*

**БӨКСӨЛӨӨ бөксөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨКСӨЛӨТ бөксөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨКСӨЛҮҮ** Бөксө тоолуу. *Ашуу ашып, таш басып, Бөксөлүү эчен жер көрүп* («Семетей»),

**БӨКСӨНҮН АЛАСЫ** *аңч.* Бүркүттүн бир түрү.

**БӨКСӨНҮН ЧӨЛҮ** *аңч.* Бүркүттүн бир түрү.

**БӨКСӨР** Бөксө болуу, азаюу, толуп турганынан тартылуу. *Бизди тез келтиребиз десеңер, кампа бөксөрбөсүн* (Сыдыкбеков). *Таш жарып агып чыккан алтын булак, Бөксөрбөйт, түбөлүккө агып турат* (Үсөнбаев).

**БӨКСӨРТ бөксөр** этишинин аркылуу мамилеси. *Шамбет идишти бөксөртүп сунбаска милдеттүү болчу* (Сыдыкбеков).

**БӨКСӨРҮҮ бөксөр** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨКТӨР I** Тоо этегиндеги бөксө дөбө, дөбөчө.

**БӨКТӨР II** 1. Бөктөрүнчөктү ээрдин артына беките таңуу, эки жагын канжыга менен байлоо. *Куржунду бөктөрүп ал.* ‖ *Чапанымды күндүз канжыгама бөктөрүп коюп, жамгыр жаап киргенде, кийип алчу болдум* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Бүктөп алуу, бүктөй кармап алып түшүү, илип кетүү. *Атаңдан калган Акшумкар Куу бөктөрүп жүргөндүр* («Манас»). *Ала качып бөктөрүп, Ажыбайдай баатырды Алып чыкты эр Сыргак* («Манас»).

**БӨКТӨРГӨ I** 1. Бөктөрүнчөк. 2. Канжыга.

**БӨКТӨРГӨ II** *туурасы:* **бөктөргү.**

**БӨКТӨРГӨЛҮҮ** Бөктөрүнчөктүү, бөктөрүнчөгү бар.

**БӨКТӨРГҮ** Көбүнчө камыштуу, саздуу жерлерде болуучу кулаалынын бир түрү. *Ак сары менен бөктөргү Аңдыганы балапан* (Тоголок Молдо).

**БӨКТӨРТ бөктөр** этишинин аркылуу мамилеси. *Кара эчкини өңөртүп, Сары эчкини бөктөртүп* («Эр Табылды»).

**БӨКТӨРҮН бөктөр** этишинин өздүк мамилеси. *Бекемдеп бөктөрүнчөк бөктөрүнүп, Найзаны кыстарышкан дагы чатка* (Маликов).

**БӨКТӨРҮНЧӨК** Ээрге бөктөрүлгөн нерсе, бөктөргө. *Темир бөктөрүнчөгүн чече баштады* (Жантөшев).

**БӨКТӨРҮНЧӨКТҮҮ** Бөктөрүнчөгү бар. *Бөктөрүнчөктүү ат.*

**БӨКЧӨГӨЙ** Бүкүрөйгөн, бүкчүгүй. *Бөкчөгөй абышка. Бели бөкчөгөй.*

**БӨКЧӨЙ** Бүкүрөйүү, бүкчүйгөн көрүнүш-

тө болуу. *Айдоодо жүрүп бөкчөйдү, Ийилбес менин белим ай* (Токтогул). *Алардын арасында бели бөкчөйүп, сакалы куудай болгон чалдардан тартып жашы он бештеги балдарга чейинки бар* («Ден соолук»).

**БӨКЧӨЙТ** **бөкчөй** этишинин аркылуу мамилеси. *Тик бастырбай бөкчөйтүп, Тиземди алды карылык* (Токтогул).

**БӨКЧӨҢ-БӨКЧӨҢ** Бөкчөйө ийилип, бүкүрөйгөн кебетедеги кишинин кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Бөкчөң-бөкчөң этип жүрүү.*

**БӨКЧӨҢДӨ** Бөкчөң-бөкчөң этүү, бүкчүңдөө. *Бурмаке бөкчөңдөп, күчү жок бутун араң шилтеп баратат* (Элебаев). *Таабалды жээк менен бөкчөңдөп жүрүп отурду* (Бектенов).

**БӨКЧӨҢДӨӨ** **бөкчөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨКЧӨҢДӨТ** **бөкчөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨКЧҮЙ** *туурасы:* **бүкчүй.**

**БӨЛ** 1. Бөлүккө ажыратуу, бөлүк-бөлүк кылуу. *Жума талды чот керки менен эки бөлүп, казык жасады.* (Жантөшев). *Баласына алп куштун Ушу турган ажыдаар Алты бөлүп берейин* («Эр Төштүк»). ‖ Айрым топторго ажыратуу, топ-топ кылуу. *Камбыл найза саюучу Кайраттууну бир бөлдү* («Манас»). 2. Тийиштүү энчисин берүү, үлөштүрүү *Көргүм келет, көргүм келет айлымды, Көргүм келет эмгек бөлгөн айларын* (Осмонов). *Казан асып, үй тигип, Малдан бөлүп беремин* («Мендирман»). 3. Өзүнчө үй-бүлө катарында ажыратып чыгаруу. *Уул-келининин үй-жайын өзүнчө бөлүп коюшту* («Ала-Тоо»). 4. Бытыратуу, бытыранды кылуу, чачылтуу. *Турган душман көп колду Туш-туш жакка бөлдү дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Аралап кирсек душманды Алды-алдынан бөлөбүз* («Курманбек»). ‖ Айыруу, окчундатуу, бирге койбоо. *Алыска айдап элимден Бөлгөндөгү кербезим* (Токтогул). ‖ Ажырым кылуу, биримдүүлүктү бузуу, бузукулук салуу. *Алың жетпей калдыңбы Арасын эки бөлгөнгө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кармаштырып эки элди Касымбек, Калпа тең бөлгөн.* (Тоголок Молдо). 5. Айыра таануу, бири-биринен болгон айырмасын ажырата билүү. *Кара көңүл адамдан Бөлө жүр дайым чегиңди* («Мендирман»). *Жакшынын жакшы жагын бөлө билгин* (Осмонкул). ‖ Айрым ажыратып алуу. *Үй бөлүп алам деп келип Качалы деген жер ушул* (Турусбеков). ‖Бири-биринен айырмалап иргөө, айрым составдарга ажыратуу. *Күрүчтү күрмөгүнөн бөлүү.* ‖ *Электр шамын жагууга Суудан бөлүп от алдык* (Нуркамал). 6. Үзүү, тоскоолдук кылуу, уланышына жолтоо болуу. *Омор Берметтин сөзүн бөлдү* (Сыдыкбеков). *Ал кезде эненин оюн Арзыкул бөлдү* (Байтемиров). *Тетиги Сабийраң үйкүмдү бөлдү* (Сыдыкбеков). 7. Топтоо, кандайдыр бир нерсеге топтоштуруу, айрыкча буруу, багыттоо. *Ар качан бөлүп санааны, Эңсөөчү элем бул жайды* (Маликов). *Турмушка жаңы түр берип, Көңүлдү ишке бөлгүлө!* (Осмонкул).

**БӨЛАЛДЫ** Бөлүндү. *Күч бөлалды болуп жатат* (Таштемиров). *Булардын сөзүн бөлалды кылган бир атчан киши болду* (Байтемиров).

**БӨЛДҮР** **бөл** этишинин аркылуу мамилеси. *Ошол күнү Калбүбү тууй турган үйлардан сегизди бөлдүрүп алды* (Убукеев).

**БӨЛКӨ** Атайын калыпка салынып, ачытып бышырылган нан, булка. *Ак бөлкөнү Макиш аябай туурап койгон эле* (Сыдыкбеков).

**БӨЛМӨ** Имараттын, үйдүн дубалдар же башка нерселер менен айрым бөлүк кылып тосулган өз алдынча бөлүмү, комната. *Апасы ашкана жакка басканда Сапар төркү бөлмөгө кирди* (Сасыкбаев). *Зарыл экөө эки бөлмө үйдүн ичи-тышын акташты* (Сыдыкбеков).

**БӨЛМӨЛҮҮ** Бөлмөлөрү бар. *Чатырчасы шифер менен жабылган, Беш бөлмөлүү үйгө кирдим жакында* (Осмонкул).

**БӨЛӨ I** Кыз бир туугандардын балдары (бири-бирине карата). *Шабыркул бир тууган бөлөм болот.* ‖ Аталаш тууган кыздардын балдары.

**БӨЛӨ II** 1. Жаш баланы бешикке жаткызып, ороп-чулгап таңуу. *Эне мени эр болсун деп төрөдү, Эркелетип ак бешикке бөлөдү* (Осмонкул). *Ардактап мени төрөгөн, Алдейлеп сүйүп бөлөгөн* (Токтогул). ‖ Ороо, таңуу. *Шымаланган жигиттер аны бат эле чычырканакка бөлөп салышты* (Сыдыкбеков). 2. Кармалган жапайы куштарды кийизге ж.б. канаттарын кайырбай тургандай таңып ороо. 3. *өт.* Каптоо, курчоо, ороо, балкытуу, чөмүлтүү. *Азыр Асылдын бакытка бөлөнүп, ырыска чөмүлүп турган учуру* («Эркин Тоо»).

**БӨЛӨК** 1. Бөтөн, жат, өз эмес. *Мен мусапыр жетимди Жалдыратпа бөлөккө* (Токтогул). *Бир тууганадай көрчү элем, Билинди сенин бөлөгүң* (Токтогул). ‖ Өзүнчө, айрым, бөлүнгөн, башка. *Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк* (макал). *Бөлөк жакка кайрылба, Айткан жерден айрылба* («Манас»). 2. Бөлүк-бөлүк, салаа-салаа, бири-биринен ажыраган, башка-башка. *Жылгасы салаа-салаа, бөлөк-бөлөк* (Үсөнбаев). *Бөдөнөдөй кайран көз, Бөлөк-бөлөк жаш кетти* («Манас»). *Бутундагы кепич, маасы тамтыксыз Кеткен эчак, бөлөк-бөлөк сөгүлүп* (Токомбаев). 3. Өзгөчө, айрыкча, башкача. *Чөлгө туулуп, ташка өскөн, Айбандан бөлөк, башка өскөн* («Манас»). *Кыяздын кир-пиги бөлөк, көзү чок, Артынганы батман ок*

(«Сейтек»). *Жылкыдан бөлөк ал экен, Канаты бар мал экен* («Эр Табылды»). 4. Чыгыш жөндөмөдөгү атоочторду жандап, кыймыл-аракеттин «башкача», «өзгөчө», «айрыкча» деген түшүнүгүн билдирет. *Акылын айтып койчу эмес. Ал кезде менден бөлөккө* («Курманбек»).

**БӨЛӨКСҮ** Бөлөктөй, жаттай көрүү. *Телиген козуну бөлөксүп, кой көпкө чейин бой бербей жүрдү.*

**БӨЛӨКСҮН бөлөксү** этишинин өздүк мамилеси. *Бөлөксүнүп, батына албоо.*

**БӨЛӨКТӨ** 1. Бөлөксүнтүү. *Бөлөктөп жанына жолотпоо.* 2. Бөлөк бөлүү. *Ак сарай тамга Берметти Камап койду бөлөктөп* («Саринжи-Бөкөй»).

**БӨЛӨКТҮК** Өзүнчө болу, башкалык. *Эки короо койдун жайлоодо бөлөктүгү жакшы.*

**БӨЛӨКЧӨ** 1. Башкача, айрыкча. *Көкөтөйдүн Бокмурун, Бөлөкчө болчу санаасы* («Манас»). *Бейили катуу адамдай, Бөлөкчө өскөн башкадан* (Маликов). 2. Мыкты, артыкча, өзгөчө. *Айдаркан уулу эр Көкчө Айбаты журттан бөлөкчө* («Манас»). *Акылың артык бөлөкчө, Терең элең, Жаныбек* (Барпы). *Достум, сенин ар кыялың санасам, Бөтөнчө турат сөзүңдө, Бөлөкчө чатак өзүңдө* («Сейтек»). ‖ Айрыкча мыкты, өзгөчө сонун, артык. *Айдаркан уулу эр Көкчө Айбаты журттан бөлөкчө* («Манас»).

**БӨЛӨН бөлө** этишинин өздүк мамилеси. *Жоодураган нур заманда төрөлдүм, Бапестелип сыр бешикке бөлөндүм* (Бейшеналиев).

**БӨЛӨӨ бөлө** этишинин кыймыл атоочу. *Күндүн ысык табы жерди кактап, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөрдү магдыратып, сүйкүмүнө бөлөөдө* (Бейшеналиев).

**БӨЛӨӨЧ** Баланын ороо-чулгоосу, баланы орой турган нерселер.

**БӨЛӨТ бөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЛӨШ бөлө** этишинин кош мамилеси. *Баланы бирге бөлөшту.*

**БӨЛП: бөлп-бөлп** Бош, чыйрак эмес көрүнүштөгү абалды билдирүүдө колдонулат. *«Чу» деп коюп, бөлп-бөлп желип, шак-шак күлөт* («Советтик Кыргызстан»).

**БӨЛПҮЛДӨ** Бөлп-бөлп этүү. *Жээрде алдыңкы ээрдин шалпайтып, эки кулагын шалактатып бөлпүлдөп желип отурду* (Жантөшев).

**БӨЛТӨГӨЙ** Жакшы аралашпаган нерселердеги бөлтөктөр.

**БӨЛТӨЙ** Бүлтүйүп, дөмпөгөй тартып туруу, көрүнүү, бөрсөйүү. *Ичи бөлтөйүп калыптыр.*

**БӨЛТӨЙТ бөлтөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨЛТӨЙҮҮ бөлтөй** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЛТӨК** 1. Дөңчө, дөңгө окшогон кичине тоо, дөңсөө. *Ары жак жагын карасаң, Бөлтөк-бөлтөк жер келет* («Манас»). 2. Тоголоктошуп, топтошуп калган бүдүр, кесек. *Жарманын бөлтөгү. Кесмеси бөлтөк.*

**БӨЛТӨКТҮҮ** Бөлтөк-бөлтөк болуп калган, бөлтөгү көп. *Бөлтөктүү жарма.*

**БӨЛТҮРҮК** Карышкырдын баласы, бөрүнүн күчүгү. *Үңкүрдөн карышкырдын беш бөлтүрүгүн алып, кишилер айылга олжолуу кайтышты* (Каимов).

**БӨЛҮК** 1. Бүтүндүн өз ара бөлүнгөн айрым бөлүндүсү. *Бир алманы экиге бөлүп, бир бөлүгүн мага берип, бир бөлүгүн өзү жеди.* ‖ Машинанын ж. б. айрым тетиктери же айрым тетиктерден турган жабдуулары. *Машинанын запастык бөлүктөрү.* 2. Айрым аскер топтору, өзүнчө бир бирдикти түзгөн аскер күчтөрү. *Омор танк бөлүгүнүн командиринин маңдайында анын салмак менен айткан сөзүн угуп турду* (Бөкөнбаев). *Барыпсың башка бөлүккө, Баатыр өскөн жаш арстан* (Үмөталиев). 3. Чыгарманын композициялык жактан ажыратылып турган айрым үзүндүсү.

**БӨЛҮКЧӨ** 1. Кичирээк бөлүк. 2. *грамм.* Маани берүүчү негизги сөз менен бирге айтылып, ага ар кандай кошумча маани берүүчү сөз түркүмү (мисалы: да, гана, го, белем).

**БӨЛҮМ** 1. Көп бөлүктөн турган имараттын, үйдүн, курулуштун ж.б. ички бөлүнгөн бөлүктөрү. 2. Чыгарманын, китептин ж.б. негизги ири бөлүктөрү. *Оюн башталды. Биринчи бөлүмү бүттү* (Касымбеков). 3. Борбордук мекемеге, ишканага же борбордоштурулган уюмга баш ийүүчү анын айрым тармагы. *Жергиликтүү байланыш бөлүмү. Райондук элге билим берүү бөлүмү. Кадрлар бөлүмү.*

**БӨЛҮМЧӨ** Кичине бөлүм, кичирээк бөлмөчө. *Ар бир бөлүмчөдө турган койлорду, козуларды карап баратты* (Жантөшев).

**БӨЛҮН бөл** этишинин өздүк мамилеси. *Ал талаанын боюнда Оргуп түтүн бөлүнөт* («Эр Төштүк»).

**БӨЛҮНДҮ** Бөлүнгөн, бөлүнүп калган, бириндеген, бир беткей эмес, бирдиктүү эмес. *Баланын көңүлү бөлүндү болуп калар бекен? – деди Бейше* (Убукеев).

**БӨЛҮНҮҮЧҮ** *мат.* Бөлүнө турган сан. *Орток бөлүнүүчү.*

**БӨЛҮҮ бөл** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨЛҮҮЧҮ** *мат.* Бөлүнүүчү санды бөлө турган сан. *Эң кичине орток бөлүүчү.*

**БӨЛҮШ бөл** этишинин кош мамилеси. *Бөлүшүп жаштар жыргалын, Кубанып турам мен бүгүн* (Маликов). *Жүрөгүңдө сырыңды Бөлүшөйүн, Перизат* (Токомбаев).

**БӨЛҮШТҮР** Үлөштүрүү, көп бөлүктөргө бөлүү, топтоштуруу, ылайыгына карай тиешелүү бөлүктөргө бөлүү, ажыратуу, классификациялоо. *Какелей жыкжыйма толтурулган кара көнөчөктөгү каймактын теңин*

*башка идишке бөлүштүрүп салды* (Бейшеналиев).

**БӨЛҮШТҮРҮҮ** **бөлүштүр** этишинин кыймыл атоочу. *Кары аял үчүн ортолорунан тынчыраак жай бөлүштүрүү менен убара* (Сыдыкбеков).

**БӨЛЧӨК** 1. Бөлүк, бөлүкчө, бөлүндү-бөлүндү. *Бөлчөк-бөлчөк бай жерлери Мына гигант совхоздо* (Токомбаев). 2. *мат.* Бирдиктин бир же бир нече барабар үлүштөрүнөн түзүлгөн сан. *Жөнөкөй бөлчөк. Буруш бөлчөк. Бөлчөк менен көрсөтүп жазуу.*

**БӨЛЧӨКТӨ** 1. Майда-майда бөлүктөргө бөлүү. 2. *мат.* Бөлчөк сандарга айландыруу.

**БӨЛЧӨКТҮҮ** 1. Бир нече бөлүккө бөлүнгөн, бөлөк-бөлөк бөлүкчөдөн турган. 2. Бөлчөк сандуу, бөлчөк сандары бар. *Бөлчөктүү сан. Бөлчөктүү мисалдарды чыгаруу.*

**БӨӨ** Көбүнчө жаш балдарды коркутуу үчүн колдонулуучу түрү суук, тири укмуштуу жандык, мокочо. *Сөөмөйлөрү менен көздөрүн түйрүп, бармактары менен эриндерин чоюп «бөө» деп «бокочо» болуп коркутуп жүрөгүбүздү түшүрөбү деп чочулайбыз* («Чалкан»).

**БӨӨДӨ** Бекер, курулай. *Дос кишиңди кас көрүп, Убалга бөөдө калбагын!* («Манас»). *Октос берип окустан, Бөөдө учуп кетпегин* («Эр Төштүк»).

**БӨӨДӨ ӨЛҮМ БОЛУУ** Кандайдыр бир кырсыктан, кокусунан, күтүлбөгөн жерден каза табуу, жок болуу. *Жапаш күйүп турган жаш жалын эле, ал бөөдө өлүм болду. Бирок Жапаштын күйүтү алигиче жүрөгүмдө* (Жантөшев).

**БӨӨДӨЙ:** **бөөдөй кууруу** Эч негизсиз чаң-тополон, түшүрүү, бүлүндүрүү.

**БӨӨДӨСҮ** Өзүн өзгөлөрдөн бөлүп, өзгөчө, бөлөкчө сезүү. *Жогортон келип бөөдөсүп, кырк чородон өөдөсүп* (фольк.).

**БӨӨДӨСҮНӨН** Куру бекер, эч себепсиз, бекеринен, бөөдө. *Бөөдөсүнөн бирөөнү Күйгүзбөсөң – жигиттик* (Барпы).

**БӨӨН** *туурасы:* **мөөн.**

**БӨӨРСҮ** *диал.* Билмексен болуу. *Билсе да билбегенсип, бөөрсүп суроо бериши Ашымдын күйбөгөн жерин күл кылды* (Каимов). *Айдай ушинтип билсе да билбегенсип, бөөрсүп, суроо берди* (Каимов).

**БӨӨТ** Өзүнчө бөлөк, бөлүндү-бөлүндү, бөлөк-бөлөк, бөгөт. *Бөөт, көлчүк сазы бар, Бөлүнгөн өрдөк, казы бар* («Манас»). *Эки үч жерде бөөт-бөөт, Жаман чалчык көл блот* («Мендирман»).

**БӨӨТ-ЧӨӨТ** Ар кандай майда бөгөт, бөлөк-бөлөк, майда-майда көлчүк болуп токтоп калган чөөт, уңкур-чуңкур. // Ар түрдүү майда-чүйдө бөлүнүштөрү, бөлмөлөрү бөлүктөрү, көп. *Андрей болсо бөөт-чөөт кылып дегеле түрдүү нерселерди айдайт* (Байтемиров). *Түпкүрдөгү бөөт-чөөт бөлмөлөргө ээрчитип түшүп, складынан эки матрац алып берди* (Бейшеналиев).

**БӨӨЧӨ** Жаш балдар ыйлаганда коркутуп-сооротуу үчүн айтылган сөз.

**БӨӨШ** Арам ой, бузуку, анткор. *Келтирбегин жаныңа, Кесири тиет арамды. Бөөшсүнүп сыртыңдан, Байкап жүрөт чамаңды* (Токтогул). *Адамга бөөштүк менен сүйлөгөн, күнү түшкөнгө жалынбай жүрбөгөн* (Жантөшев).

**БӨӨШСҮ** Билмексен, түшүнмөксөн болуу.

**БӨӨШСҮН** **бөөшсү** этишинин өздүк мамилеси.

**БӨӨШСҮНҮҮ** **бөөшсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨПӨ I** Кичинекей жаш балдарга, көбүнчө бешиктеги балдарга карата эркелетүү иретинде колдонулат. *Кийин бөпөмдүн үнүн угуп, күлкүсүн көргөнүмдө мурунку тарткан кыйноолорум бүт эстен чыгып кетти* («Ала-Тоо»).

**БӨПӨ II** **бөпү** менен бирдей.

**БӨПӨЛӨ** 1. Алгыр кушту ж.б. бөпү-бөпү деп үндөө. *Ал балапанды бөпөлөп таптай баштады* («Жомоктор»). ‖ *өт.* Үндөө, чакыруу. *Илимге бизди сугардың Талпынтып куштай бөпөлөп* (Осмонкул). 2. Эркелетип ардактап багуу, алпештөө, бапестөө. *Балапан кезегимде бөпөлөгөн, Актаймын ата эмгегин, эне сүтүн* (Нуркамал). ‖ Ардактап багуу, алпештөө. *Ата-энем мени чаң жугузбай бөпөлөп баккан. Анда бизди куду күкүктүн баласындай бөпөлөп багуучу* (Сыдыкбеков).

**БӨПӨЛӨН** **бөпөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**БӨПӨЛӨӨ** **бөпөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨПӨЛӨТ** **бөпөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨПҮ** Алгыр куштарды үндөөдө, чакырууда колдонулат.

**БӨПҮЛӨ** **бөпөлө** менен бирдей.

**БӨРЖАТЫШ** *туурасы:* **бөрүжатыш.**

**БӨРК** 1. Төбөсү бийик тебетей. *Бөрк ал десе, баш кескен* («Семетей» С.К.). *Көк сулөөсүн бөрк кийген Көк жал абаң эр Бакай* («Манас»). *Кундуз бөрк кийген Берметтин Элечек ороп башына* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Мыктын балка менен ура турган жагындагы тегерек башы. *Мыктын бөркү.*

**БӨРК АЛ ДЕСЕ, БАШ АЛУУ** Өтө аша чабуу, ашыкча кетүү. *Жашырын буйруктарын аткарып, бөрк ал десе баш алып жүргөн өтө ишенимдүү аскер башыдан эле* (Касымбеков). **В.: Бөрк ал десе, баш кесүү.** *Алар бөрк ал десе, баш кескен шылуун жигиттер бийдин оң колу да* (Касымбеков).

**БӨРКТӨ** Мыкка бөрк жасоо.

**БӨРКТӨТ** **бөрктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БӨРКТҮҮ** Бөркү бар, бөрк кийген. *Көп-*

*кө жаккан көрктүүдөн, Көк сүлөөсүн бөрктүүдөн Көрүп куда болоюн* («Манас»).

**БӨРКҮ КАЗАНБАКТАЙ БОЛУУ** Көзгө жаман көрүнүү, жек көрүндү болуу. *Мурда эле бөркү казанбактай болуп жүргөн Осмонкул Сүйүнбайдын көзүнө калк бузар бекер ооздун өзү болуп көрүндү* (Өгөбаев).

**БӨРКҮНДӨЙ КӨР** Ишенип кой, ишене бер, сөзсүз болот, кам санаба, аткарылат деген сыяктуу мааниде коддонулат. *Бөркүңүздөй көрүңүз, мен антпейм, – деди кыз* (Казакбаев). *Биз бейиттен эле кайтабыз, башка эчтеменин кызыгы жок, аны бөркүңдөй көр* (Айтматов).

**БӨРСӨ** Эпостордо кездешүүчү, баласын боорундагы баштыгына салып алып жүрүүчү сүт эмүүчү айбан, кенгуру. *Эркин экен талаасы, Бөрсө деген бир жан бар, Курсагынан бөжөңдөп, Чыгып турат баласы* («Манас»).

**БӨРСӨГӨЙ** Бөрсөйүп чыгып турган.

**БӨРСӨЙ** Борсоюп, дөмпөйүп туруу. *Бөрсөйүп карын толгон эмес* (Каралаев). *Курсагың бөрсөйүп кетти* (Сыдыкбеков).

**БӨРСӨЙТ бөрсөй** этишинин аркылуу мамилеси. *Абыл канжыгадан чечип алган кол чаначты бөрсөйтүп кармап, сүйгөнүнүн жанына келди* (Сыдыкбеков).

**БӨРСӨЙҮҮ бөрсөй** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨРТ** 1. Бүртүктөнүп бүдүрөйүп чыгуу, күчүктөп бөрсөйүп чыгуу. *Оттун табына бөрткөн кызыл балтыр сегиз-тогуз жашар секелек кыз отурат* (Элебаев). *Короодогу жемиш бактар четтен бөртүп, тегиз бүр байлаган* (Абдыраманов). 2. Керте-керте чонураак кесүү, өтө майда туурабай чонураак тууроо. *Шарип ичке, майдалап туурай албай сабизди бөртүп кесип, өзүнөн-өзү жүдөдү* (Бейшеналиев).

**БӨРТМӨ** Кээ бир токулган кездеменин бетине түшүрүлгөн жол, жол-жол быдыр. *Бөртмө жоолук.* ‖ *Мамбет Айганыштын ийнинен түшүп кеткен ак бөртмөнү көтөрдү* (Сыдыкбеков).

**БӨРТӨ** Кызыл түстүн бир түрү.

**БӨРТӨЙ-ШӨРТӨЙ мөртөй-шөртөй** менен бирдей. *Э, Сартбаев жан, башта сен менин байкашымда бөртөй-шөртөй маалим элең* (Сыдыкбеков).

**БӨРТҮҮ бөрт** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨРҮ** 1. Карышкыр. *Бөрүнүн эки көзү ууда* (макал). *Бөрүгө малын жедирип, Бөөдө таяк жебейин* (Осмонкул). 2. Баатырларга карата колдонулуучу эпитет. *Жоо бөрүсү Манаска Эр Сыргак келди мактанып* («Манас»). ‖ *өт.* Шылуун, жегич. *Байды – бөрү, кедейди Кой кылгансың замана* (Токтогул).

**БӨРҮ ЖЕЛИШ** Акырындап желдирип коюп, өтө таскактатпай, жайыраак, бир калыпта (көбүнчө аттын жүрүшүнө карата). *Силер бөрү желишиңерден жазбай келе бергиле, туугандар. Мен ала кетейин* (Осмоналиев).

**БӨРҮ ЖОЛДУУ** Жолу ачык; ар дайым жолу болуп, табылга таап турган адамдарга карата айтылган туруктуу сыпаттама. *Бөрү жолдуу эр Кошой.* («Манас» С.О.). *Бөрү жолдуу эр Манас* («Манас» С.О.).

**БӨРҮ КАРАГАТ** Кычкылыраак даамы бар мөмө берүүчү тикендүү бадал өсүмдүгү, сары жыгач. *Күнгөйүндө кургакка өнө турган бадалдар, бөрү карагат, түп-түп шилбилер* (Сыдыкбеков).

**БӨРҮ ТИЛ** Уч жагы ичке келип, түп жагы бөйрөктүү тартып жооноюп кеткен найзанын учу жана айрым куралдардын, нерселердин ушул түрдө жасалган формасы. *Бөрү тил болот сыр найза, Бөйрөгүнөн сундуруп* (Үсөнбаев). *Учу болот бөрү тил. Найзанын жайын эми бил* («Эр Табылды»). *Шуушаң темир бөрү тил, Уңгусунда жылтылдап* (Тоголок Молдо). *Бул киши бөрү тил темир бургуну өзү ойлоп жасаптыр* (Сасыкбаев). *Мен дагы бөрү тилден албас белем, Сабалап жоого каршы барбас белем* (Токомбаев). *Чарыкчы бычакты бөрү тил кылып курчутту* (Сасыкбаев). *Бөрү тил болот сыр найза Бөйрөгүнөн сундуруп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БӨРҮ ТОЮТ БОЛУУ** Чала тоюу, анча тоё бербей калуу. *Ар кимиси бөрү тоют болгон соң, ныксырап уктап калып, анан тигиндей шылдың болуу, чынында эле шылдыңдуу өлүм да ыя?..* (Медетов).

**БӨРҮ ЭТЕКТЕН, ЖОО ЖАКАДАН АЛГАНДА** Бардык жагынан кысталыш болуп, айла кетип, арга түгөнүп турган учурда, кыйын-кыстоо мезгилде. *Бөрү этектен, жоо жакадан алып турган учурда, сен да бир жагынан кычап калдың го?* («Ала-Тоо»).

**БӨРҮГӨ КОЙ КАЙТАРТУУ** *к.* **карышкырга кой кайтартуу.**

**БӨРҮЖАТЫШ** Бүдүрөйүп-бүдүрөйүп денеге чыгып, дүүлүктүрүп кычыштыруучу илдет.

**БӨРҮК бөрк** менен бирдей.

**БӨСТӨК** Койдун же эчкинин терисинен жасалган көлдөлөң. *Очоктун боюнда жатчу койдун бөстөгүнүн үстүнө күндөгүсүндөй бөкчөйүп отуруп алып жип ийрип жатты* (Мавлянов).

**БӨТӨГӨ** Канаттуулардын тамак сиңирүүчү органы. *Кыргоолдун бөтөгөсү. Тооктун бөтөгөсү.*

**БӨТӨГӨЙ** Бөйтөйгөн кичинекей. *Баланын бөтөгөй колдору.*

**БӨТӨЛКӨ бутылка** менен бирдей. *Мергенчи сумкасынан бөлкө, бир бөтөлкө арак алып чыкты* (Сасыкбаев).

**БӨТӨЛКӨДӨН БАШЫ ЧЫКПОО** Өтө көп ичүү, ичкиликке берилип кетүү деген мааниде колдонулат. – *Мас да. Мас болбосо ушуну жасамак беле. Кийинки кездерде бөтөлкөдөн башы чыкпай калды* (Талканбаев).

**БӨТӨЛКӨЛӨШ** Ичкиликти бирге ичишкен киши, ичимдикти жакшы көргөн киши. *Ал бөтөлкөлөштөрүнүн көңүлүн кыйган жок* («Советтик Кыргызстан»).

**БӨТӨН** 1. Бөлөк, жат, чоочун. *Бөлөк эл, бөтөн жерден келдим. Эртең менен үйдө бөтөн адам жок* («Ала-Тоо»). 2. Чыгыш жөндөмөдөгү атоочторду жандай, андан тышкары, башкача, бөтөнчө экендигин билдирүүдө колдонулат. *Элден бөтөн өрткө күйүп жаткандай, Чатак Нурбай чарчаганча сөгүндү* (Токомбаев).

**БӨТӨНДҮК** Бөлөктүк, чоочундук, өз эместик. *Сенин бөтөндүгүң жок, Самтыр* (Сыдыкбеков).

**БӨТӨНЗОРДУК** Күчүнө, зордук-зомбулугуна, байлыгына, мыкаачылыгына же бийлигине, таасирине таянуу менен өзүнөн начар өлкөлөргө же жеке адамдарга кысым көрсөткөн өлкөлөргө, мамлекеттик органдарга, ар кандай уюмдарга, уюшкан топторго, жеке адамдарга аныктама берген түшүнүк.

**БӨТӨНСҮ** Бөлөксүү, жатсынуу. *Сен мени бөтөнсүп турасыңбы?*

**БӨТӨНСҮН** **бөтөнсү** этишинин өздүк мамилеси. *Жаңы келгенде балдар менен батынып ойной албай бир топко бөтөнсүнүп жүрдү.*

**БӨТӨНСҮТ** **бөтөнсү** этишинин аркылуу мамилеси. *Өздөрүн бөтөнсүнтүп, төмөн санагандай* (Сыдыкбеков).

**БӨТӨНСҮҮ** **бөтөнсү** этишинин кыймыл атоочу.

**БӨТӨНЧӨ** Өзгөчө, айрыкча, башкача. *Бүгүн иш бөтөнчө сонун болду* (Байтемиров). *Асманда жылдыздар гана бөтөнчө жылтылдайт* (Бектенов).

**БӨТӨНЧӨЛӨ** Өзгөчөлөө, башкача кылуу. *Бөтөнчөлөп бак.*

**БӨТӨНЧӨЛҮК** Өзгөчөлүк, башкачалык, башкалардан айырмалуулук. *Өздөрүнүн бөтөнчөлүктөрүн тааныткыны жатат* (Токомбаев).

**БӨФ** Жаман жыттын жытынан жийиркенгендикти билдирүүдө колдонулат. *Бөф, эмне жыттанып кетти.*

**БӨЧӨК I** Кабык, коондун кабыгы. *Абдырахман бир тилим анделектин бөчөгүн жерге таштап, шашылбай жүз аарчысын алып колу-башын аарчыды* (Касымбеков).

**БӨЧӨК II** Келгенге жакшы каалоо менен иш кылып жаткан нерседен берүү.

**БРАГА** Пивонун бир түрү.

**БРАК** Толук жарактуу болуп чыгарылбаган товар, кемтиги бар товар. *Келин мурункудан такшалгансыды. Ошентсе да кээде брак чыгара коюп жүрдү* («Ала-Тоо»). ‖ Сапатсыз иштелген иш, кемчилиги бар начар иштелген иш, кемчилиги бар.

**БРАКОВЩИК** Товарлардын кемчилиги барларын, жараксыздарын бөлүп, бракка чыгарып туруучу адам.

**БРАКОНЬЕР** Кылмышкер. Тыюу салынган жерлерде мыйзамсыз аң улоо, балык кармоо, табигат байлыгына зыян келтирүү.

**БРАУНИНГ** Тапанчанын бир түрү.

**БРАХМАН** Индиянын жогорку касталык тобунун өкүлү.

**БРЕЗЕНТ** 1. Суу өткөрбөөчү жана чирип кетүүгө каршы составы бар, одуракай, ныкталган кездеме. 2. Ошол кездемеден тигилген буюм.

**БРЕЙК** Акробатикалык элементи бар, бат-бат кыймылдаган, тез темпте болгон эстрадалык-спорттук бий.

**БРЕЛОК** Сааттын чынжырчасына, браслетке, ачкычтын шакекчесине илинген кичинекей кооздук жасалга.

**БРЕНДИ** Коньяк сымал, күчтүү алкаголдук ичимдик.

**БРИГАДА** 1. Бир канча полктон, батальондон же батареядан турган аскер бирикмеси, флотто болсо бир нече окшош типтеги согуштук кемелерден турган бирикме. *Танкалык бригада. Торпедалык катерлердин бригадасы.* 2. Белгилүү өндүрүш тапшырмасын аткаруучу коллектив. *Жылдызкандын пахта бригадасы мамлекеттик планын ашыра орундаткан* (Байтемиров). *Тоют бригадасына жайыттарды тартипке келтирүү жана кеңитүү милдети да жүктөлдү* (Убукеев).

**БРИГАДАЛЫК** **бригада** дегенге таандык. *Бригадалык комиссар. Бригадалык тапшырма.*

**БРИГАДИР** Өндүрүштүк бригаданын башчысы, жетекчиси. *Кылган ишим – бригадирмин, Жооптуу иш ал дагы* (Нуркамал). *Дарбазанын сыртынан бригадир Мамбеттин кыйкырыгы угулду* (Каимов).

**БРИГАДИРЛИК** Бригадирдин кызматы. *Кызым, сени бригадирликке көрсөтүп жатышат* («Кыргызстан аялдары»).

**БРИГАНТИНА** Эки мачтасы бар, парустуу, жеңил деңиз кемеси.

**БРИЛЛИАНТ** Кырдалып жылмаланган кымбат баалуу асыл таш.

**БРИЛОГИЯ** Мохтор жөнүндө илим.

**БРИЛЬЯНТ** **бриллиант** менен бирдей.

**БРИФИНГ** Массалык маалымат каражаттардын өкүлдөрү менен расмий өкүлдөрдүн жолугушуусу. Кыскача пресс-конференция.

**БРИЧКА** Жеңил араба. *Бардык болгон сегиз атка төрт бричканы кошушту* (Жантөшев).

**БРОЙЛЕР** 1. Атайын этке багуучу жөжө. 2. Атайын ошондой жөжөлөрдү багуу үчүн арналган жай.

**БРОКЕР** Клиенттердин тапшырмасы боюнча биржадагы иштин бекитүү ортончусу, маклер.

**БРОМ** Кескин жыттуу кызыл күрөң түстүү коюу суюктук, химиялык элемент.

**БРОН** 1. Согуштук кораблдердин, автомобилдердин, поезддердин ж. б. октон, снаряддан сактай турган болот калканчы. 2. Бирөөгө арнап бекитүү, башкаларга тиешелүү кылбоо жолу жана ошондой бекитилгендигин билдирүүчү документ.

**БРОНДО** 1. Брон менен каптоо. *Согуштук машиналарды брондоп чыгуу.* 2. Брон берүү, брон менен камсыз кылуу.

**БРОНДОЛ брондо** этишинин туюк мамилеси.

**БРОНДУУ** 1. Брон менен капталган. *Брондуу машиналар.* 2. Брон берилген, брон менен камсыз кылынган.

**БРОНЕВИК** *эск.* Бронь менен капталып, согуш куралдары менен жабдыкталган, согушка, күзөткө даярдалган аскердик автомобиль.

**БРОНЕЖИЛЕТ** Ок өткөрбөөчү брондолгон жилет, адамдын тулку боюн сактоочу кийим.

**БРОНЕНОСЕЦ** *эск.* Курал-жарак менен жабдылган артиллериясы бар согуш кемеси.

**БРОНЕПОЕЗД** *эск.* Аскер курал-жарактарын ташуучу брондолгон поезд.

**БРОНЕТАНК** *эск.* Брон менен капталган танк.

**БРОНЕТРАНСПОРТЁР** Брондолгон, ылдам жүрүүчү чынжыр тамандуу (гусеницалуу) дөңгөлөктүү аскер машинасы.

**БРОНХА** Кекиртек бутактарынын өпкө менен туташкан жери, колко, дем алганда абаны ичке өткөрүп, демди чыгарганда аны тышка бөлүп туруучу кемирчек шакектеринен турган түтүкчө.

**БРОНХИОЛАЛАР** Сүт эмүүчүлөрдүн өпкөсүндөгү бронхтун (колконун) майда түтүктөргө тарап бүтүшү.

**БРОНХИТ** *мед.* Бронханын сезгенүү оорусу.

**БРОШКА** Жакага же төшкө тагылуучу аялдардын зер буюму.

**БРОШЮРА** Катуу мукабасы жок кичине китепче.

**БРУДЕРШАФТ** Жакын достук мамилеге өтүшкөндүгүн белгилөө үчүн эки адам колдору менен кайчылаштырып бир убакытта вино ичишет жана өбүшүшөт.

**БРУС** Төрт кырдуу устун.

**БРУСЧАТКА** 1. Көчөлөрдү түздөө үчүн таштардан же цемент, кумдун аралашмасынан атайын жасалган бирдей көлөмдөгү жана формадагы брускалар.

**БРУТТО** Товардын сыртталбаган, оролбогон таза салмагы. Неттого карама-каршы мааниде.

**БРУЦЕЛЛЁЗ** Адамдын жана малдын (уй, кой, чочко, эчки) бруцелла микробдору пайда кылуучу өнөкөт оорусу. Оору адамга мал менен аралашканда (айрыкча туут мезгилинде) анын сүтүн ичкенде, этин жегенде ооз, көз, тери аркылуу жугат.

**БРЫНЗА** Койдун же эчкинин сүтүнөн жасалган сыр. *Европа өлкөлөрүндө брынза деп аталган сыр өтө бааланат экен (Агым).*

**БРЮКВА** Таттуу, ачык сары түстөгү чоң тамыры бар өсүмдүк.

**БРЮНЕТ** Кара чач, кара чачтуу киши.

**БРЮНЕТКА** Кара чач, кара чачтуу аял киши.

**БУ бул** менен бирдей. *Ырдаган кабылан көк жал Мамбет тура, Бир күнү суу сугарып жүргөн бу да* (Турусбеков).

**БУ КУЛАГЫНАН КИРИП, ТИГИ КУЛАГЫНАН ЧЫГУУ** Көңүл коюп, назар салып укпоо, уккан сөзүн эсине тутпоо, эсинде сактап калбоо, ошол замат унутуу. *Сөз айтсаң, бул кулагынан кирип, тигил кулагынан чыгып кетет* (Осмоналиев). *Канча айтсаңыз да, менин бул кулагымдан кирип, тиги кулагымдан чыгып кетип жатпайбы* (Тойбаев).

**БУБАК** Тумандуу суукта кыроо сыяктуу түшкөн үлпүлдөк жука кар. *Бир түп чийдик дүмбөсү кучак келип, башына турган бубактар салаңдап турат* (Элебаев). *Мурутуна муз катып, Бубакка тоңгон сакалы* (Бөкөнбаев).

**БУБАКТА** Бубак түшүү, бубак болуу, бубак басуу.

**БУБАКТАН бубакта** этишинин өздүк мамилеси. *Бубактанып кымкары Муздун жээгин чырмаган* (Тоголок Молдо).

**БУБАКТУУ** Бубак менен капталган, бубак баскан. *Тарастын аты бубактуу таноосун кыймылдата окуранып алды* (Сасыкбаев).

**БУБЕН** *муз.* Орустардын байыркы урма музыкалык аспабы. Тегерек алкактын бир жагына жаргак тартылат. Алкактын оюктарына жука жез табакчалар кадалат. Ичинде болсо жылаажындар тагылат.

**БУГА бул** деген шилтеме ат атоочтун барыш жөндөмөдөгү формасы. *Жылкычы буга таң калды, Акысына жамбы алды* («Манас»).

**БУГА СЫН ЖОК** Сынга ала турган эч нерсеси жок, сындоонун кереги жок, мыкты, сонун (же бечара, алсыз, же али бала). *О кокуй, Акматбекке сын жок, ал өз ишин эң сонун билет* («Ала-Тоо)».

**БУГАНА** Буйтка, имерилиш, бурулуш. *Бугана жерден мен бурсам, Бура тартып мен турсам* («Эл адабияты»).

**БУГДАЙ** *диал.* Буудай.

**БУГУ** 1. Ача туяктуу, мүйүзү бутактанган кепшөөчүлөр тобуна кирүүчү жаныбар, маралдын эркеги. *Бутагындай арчанын Мүйүздөрү каркайган Айры мүйүз бугу бар* (Осмонкул). *Бадалдуу токой сайынан, Маралы менен бугусу Айдаган малдай жайылган* (Үсөнбаев). 2. Элдик календарь боюнча төртүнчү айдын аты.

**БУГУ ӨРҮМ** 12 тал өрүмдүн түрү.

**БУГУ ЧЫГУУ, БУГУ ТАРОО** Капалыгы чыгуу, капалыгы тароо деген маанилерде.

**БУГУНУН ООЗ ЧАЙКООСУ** *диал.* Кеч күздө түшкөн, эң биринчи жааган кар.

**БУГУЧАР** *аңч.* Эки жаштагы жаш бугу.

**БУГУЧУ** *аңч.* Бугу уулаган мерген.

**БУДАЛА** 1. Уйпалай кармоо, ары-бери оонатуу. *Бараткан төрөлөр жолчуларды омбу карга будалап, тепкилеп коё берүчү* (Элебаев). 2. *өт.* Жок кылуу, көзүн тазалоо. *Узап кете электе үч жигит жете барсын да, көзүн будалап, жар көчүрүп, таштап келе беришсин* (Убукеев).

**БУДАЛАКТА будалан** менен бирдей. Кай бири будалактап чыдай албай, Бакырат үстүндөгү киймин чечип (Токомбаев).

**БУДАЛАН будала** этишинин өздүк мамилеси. *Бир сапар күрөшө кетип, будаланып кайра турдук* (Элебаев).

**БУДАЛАТ** Тоскоол. *Кайдан-жайдан келген калың булут дөңгөлөккө оролуп, будалат болуп алдыман сойлоп өтүп жатат* (Айтматов).

**БУДАЛОО будала** этишинин кыймыл атоочу.

**БУДАМАЙЛА** 1. Будалап, эптеп-септеп бүтүрүү. 2. *өт.* Алдоо, эбин табуу, көз боёмолоо.

**БУДАМАЙЛОО будамайла** этишинин кыймыл атоочу.

**БУДДИЗМ** Түндүк Индияда биздин доорго чейинки VI кылымда пайда болуп, кийин Тибетке, Монголияга, Индокытайга, Кытайга, Бирмага, Японияга жана да айрым Чыгыш өлкөлөргө тараган дин. *Буддизм Индиялык княздын уулу Шапья Лидни тарабынан таркалган* («Мугалимдер газетасы»). *Дүйнөгө эң кеңири таралган үч диндин бири буддизм.*

**БУДДИСТ** Буддизмдин жолун жолдогон, буддизмге берилген.

**БУДЕНОВКА** Жылдызы бар, туулга формасындагы Кызыл армиянын аскерлери кийген баш кийим. *Буденовка кийген кишини дароо тааныдык (Бектенов)*

**БУДИЛЬНИК** Белгиленген убакта шыңгырай тургандай кылып жасалган саат. *Асанжан будильникти үчкө бурап койду* («Жаш ленинчи»).

**БУДУҢ-ЧАҢ** Чакчелекей, чалды-куйду баш аламан, тополоң. *Көз ачып жумганча чакчелекей, будуң-чаң башталып, тарсылдаган дабыш угулду* (Жантөшев). *Шамал утуру-тетири койгулап, көз ачырбай будуңчаң түштү* (Жантөшев).

**БУДУНДАТ** Уйгу-туйгу болуу, тополоң түшүү, будуң-чаң болуу. *Кара аскага булут ойносо, кышкысын будуңдатып кар жаайт* (Жантөшев).

**БУДУР** Дөңсөөлүү жер, адыр. *Будурдан бугу бакырат, Күнгөйдөн күкүк чакырат* («Сейтек»). *Кара будур тоо эмес, Каптап жаткан жедигер, Же калмактан чыккан жоо эмес* («Сейтек»). *Будур-будур бел менен, Бугу аттаган жер менен* («Манас»).

**БУДУРАЙ** Будур-будур болуу, бодураюу. *Кара тору жүзүнөн дайыма будурайып безетки кетпейт* (Абдыраманов).

**БУДУРМАК** Дөңсөөчө, жондонгон будурлуу жер. *Будур-будур бели бар Будурмак ашуу жер экен* («Семетей»).

**БУЖУГУЙ** Толмочунан келген, дугдуйган. – *Ботом, жети түндө булар ким десек, силер турбайсыңарбы, – деди бужугуй абышка* (Баялинов).

**БУЖУГУР** 1. Быжыгыр, тармал, дүгдүрөйгөн. *Каримахундун бужугур кара сакалынын алдындагы богогу ыксыз балкылдады* (Жантөшев). 2. Бужугуй, толмоч. *Көзү чоң, кабагы терең, бети бужугур, кара тору киши – Айдарбек* (Жантөшев).

**БУЖУК** Жыгачка жабышып өсүүчү така формалуу мите козу карын.

**БУЖУР бужугур** менен бирдей. *Сакалы бужур, кабагы терең* (Жантөшев). *Бужур кара колун сунду, Мен экеним билгенде* (Бөкөнбаев).

**БУЖУРАЙ** Бужугур тарткан көрүнүштө болуу.

**БУЗ** 1. Кандайдыр бир имаратты, үйдү, курулушту ж.б. кыйратуу, талкаланган, ураган абалга келтирүү. *Эски тамды бузуп жаңы тамды салышты* («Ала-Тоо»). *Шымаланып үймөк бузуп жатыптыр* (Маликов). // Айрым бөлүктөргө ажыратуу. *Койчу тоо текенин бир сан этин бузуп, алоолонто от жакты* (Сасыкбаев). ‖ Жирөө, тилүү, кесүү. *Тракторум күчкө кел, Дыңды бузуп, тиле бер* (Турусбеков). *Ме, энеке, эми карындын оозун өзүңүз бузуңуз* (Сыдыкбеков). 2. Тоскоолдук кылуу, үзүү, бөлүндү кылуу, бөлүү. *Кезекти бузуп барып, гардеробщик пальтосун чечип иле салды* (Токомбаев). *Чуу күүгүм талаштагы токой арасынын тынчтыгын бузду* (Жантөшев). *Алдей, алдей, таттуу уйкуңду бузбачы* (Осмонов). 3. Башкача жытка, түскө айландыруу, кадимки калыбын, абалын өзгөртүү. *Унтерофицер көзүн акшыйтып, кабагын түйүп, бетин бузуп, Михаилге карады* (Жантөшев). 4. *өт.* Азгыруу, тескери ишке үгүттөө, туура жолдон чыгаруу. *Эл арасын ушактап, Бузуп жүрөт ушакчы* (Тоголок Молдо). *Экөөбүз бир бет турсак, эч бир бузуку бизди бузуп-жара албайт* (Байтемиров).

**БУЗАКЫ бузуку** менен бирдей.

**БУЗДУР буз** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүрөгүм жатат чыдатпай, Жеңеке, мен үчүн оюн буздурба* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БУЗУК** 1. Бузулган, оңунда эмес. *Бузук саат. Бузук трактор.* 2. Куйту, жаман ойлуу, бузуку. *Алдап айтса бир бузук, Ал-*

*доосуна эсирбе* (Токтогул). *Бузук бузуктугун деги эле койбойт Жамандыкты жатып да ойлойт, туруп да ойлойт* (Шүкүрбеков). 3. Бузуктук, бузукулук. *Ичинде бузук турат, сыртын көрчү. Чын эле досуңсунат байкуш сенин* (Токомбаев).

**БУЗУКТАШ** Өз ара жаман пикирде болуу, чырдашуу, араздашуу, жаман пикирде болуу. *Бузукташып калышты.*

**БУЗУКТУК** Бузукулук жорук. *Бузуктук кылбай жүрө албайт* (Тоголок Молдо).

**БУЗУКУ** Жаман ойлуу, бузуп-жарган куйту, азгыргыч. *Менде кенедей арамдык жок Бузукуну жек көрөм* (Бектенов).

**БУЗУКУЛУК** Арам ойлуулук, бузуку иштерди жүргүзүүчүлүк. *Кожо, молдолор да совет өкмөтүнө каршы бузукулук иштерин күчөтүштү* (Осмонкул).

**БУЗУКУЧУЛУК** **бузукулук** менен бирдей. *Акын элди жаманчылыкка, бузукучулукка, бекерчиликке, жалкоолукка каршы чакырган* (Бөкөнбаев).

**БУЗУЛ** **буз** этишинин туюк мамилеси. *Жүрүп турсаң, бузулбай, Терим кеңип кубанам* (Турусбеков).

**БУЗУЛГУС** Бузулбай турган, туруктуу, бек, чың. *Жамила совет элинин бузулгус достугун, татуулугун балдарга айтты* (Баялинов).

**БУЗУУ** **буз** этишинин кыймыл атоочу. *Кара темир коргонду Каруум болсо бузууга* (Токтогул).

**БУЗУШ** **буз** этишинин кош мамилеси.

**БУЙ** Убара, бушайман, түйшүк. *Эсебин малдын ала албай, Далай адам болду буй* («Манас»). *Кан болуп такка миниптир, Калың элди буй кылып, Канчоро доорду сүрүптүр* («Сейтек»).

**БУЙВОЛ** *зоол.* Уйлардын тукумчасына кирген кепшөөчү ача туяк бодо.

**БУЙГА** **буйгат** менен бирдей. *Быштыны буйгага тартсаңарчы,– деп апам чыйылдайт* (Касымбеков).

**БУЙГААЛ** **буйгат** менен бирдей.

**БУЙГАТ** 1. Бурулуш, имерилиш, далдаа, өңүт жер. *Зоонун чыгыш тарабындагы. буйгат бурулуштагы үңкүрдүн оозуна барып токтоду.* (Жантөшев). *Самат буйгат өткөөлдөрдөн өтүп, кээде боортоктоп жылып, өрт чыккан жерге барды* (Сасыкбаев).

**БУЙГАТТУУ** Далдаалуу жер, имерилиштери көп. *Буйгаттуу бурулуштун каардуу бороону көздү ачырбайт* (Жантөшев).

**БУЙГОО** *диал.* **буйгай** менен бирдей. *Буйгоого чакырып бир аз сүйлөштү.*

**БУЙДА** Далдаа, буйгат. *Мындай чыгып буйдага киргенден кийин Беккулду көздөй салдым* (Элебаев).

**БУЙДАЛ** 1. Бир нерсеге алагды болуп кармалуу, кечендөө. *Кабыл бирдемени үзүп алып, бир аз буйдалып калган эле* (Элебаев). *Башмагы бутунан ыргып кетип, буйдала түшүп Зарлык да жөнөп баратат* (Элебаев). 2. Токтоло калуу, мукактануу, шар кетпөө. *Сөздү эмнеден баштарымды билбей бир аз буйдала калдым* («Жаш ленинчи»). *Үчөөнүн кимиси жакшы чертип, кимиси буйдалар экен деп ойлошту* (Каимов).

**БУЙДАЛТ** **буйдал** этишинин аркылуу мамилеси. *Силерди мен бир аз буйдалтып, кырк минут убактыңарды алып койдум* («Советтик Кыргызстан»).

**БУЙДАЛУУ** **буйдал** этишинин кыймыл атоочу. *Буйдалууга болбойт* (Баялинов).

**БУЙДАМГА КЕЛБӨӨ** Бир заматта арыбери болуу, тез эле бүтүү, бүркүмгө келбөө, тезинен жок болуу. *Кокус кар оор түшүп, катуу бороон башталса, бул үймөктөр буйдамга келбейт* (Абдумомунов).

**БУЙДОО** Тоскоолдук, жолтоо. *Бакытбек күрүчтү чоң сугунуп алган эле, ошондуктан ал сүйлөөгө буйдоо кылды* (Таштемиров).

**БУЙКАТ** 1. Жаралган, жасалган; 2. Курулуш, имарат. *Буйкат болгон куюндан, каргадай балам жетилсе* («Эл адабияты»).

**БУЙЛА** 1. Мурундун эки таноосунун ортосундагы чемирчек калканч. *Сенин буйлаңдан жанагы Карачач тешсе керек* (Абдыраманов). 2. Төөнүн мурдун тешип өткөзүлгөн шиш же байланган жип. *Каргабий атына минип, атандын буйласын өзү жетеледи* (Осмоналиев). *Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл* (макал).

**БУЙЛАЛА** 1. Төөгө буйла өткөзүү, тагуу. *Ал ак тайлакты буйлалап жетелеп алды* («Жомоктор»). 2. *өт.* Багындыруу, эркине койбой баш ийдирүү, тизгиндөө, жетелеп алуу. *Карабай жаштыгыма элтеңдетип, Буйлалап, турмуш чөлдө сүйрөй келдиң* (Бөкөнбаев).

**БУЙЛАЛАН** **буйлала** этишинин өздүк мамилеси.

**БУЙЛАЛАТ** **буйлала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЙЛАЛОО** **буйлала** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЙЛАЛУУ** Буйласы бар, буйла өткөрүлгөн. *Буйлалуу төөнү жетелегенсип Атантаев жай басып жөнөдү* (Сасыкбаев).

**БУЙЛАСЫЗ** Буйласы жок, буйла өткөрүлбөгөн. *Оорунун жайын соо билбейт, Буйласыз атан жөн жүрбөйт* (Тоголок Молдо).

**БУЙНАТ** **буйкат** менен бирдей. *Казанаттан туулган Буйнат болгон шамалдан. Алты ай жайы оттосо, Камчы саптай жал алган* («Сарынжы-Бөкөй»).

**БУЙРУК** 1. Бирөө тарабынан кандайдыр бир ишти аткаруу, орундатуу үчүн берилүүчү тапшырма, приказ. *Аттарды далдага кармоого командир тарабынан буйрук болду* (Жантөшев). *Мен эрккендиктен эски начальниктин буйруктарын жөн эле оодарып отургам* (Каимов). 2. Тагдыр, жазмыш. *Чамам канча буйругу ушул агымдын* (Бө-

көнбаев).

**БУЙРУКТУУ** Тагдырга ылайык, акыры боло турган. *Буйруктуу болсо, жоголгон малың табылат* (макал).

**БУЙРУТМА** Буйрук кылынган.

**БУЙРУУ буюр** этишинин кыймыл атоочу. *Эми буларга кандай жаза буйрууну каалайсыз* (Жантөшев).

**БУЙТ БЕРҮҮ** Качканда же бирөө кармап аларда буйтап кетүү, ойт берүү. *Даша буйт берип, эңкее бергенде, ок башынан алыс кетти* (Сасыкбаев).

**БУЙТА** 1. Кескин аракет жасап, бурулуп кетүү, карматпоого, жазгырып кетүүгө аракет кылып, ойт берүү. *Алымкул шамдагайлык менен буйтап кетип, өзүнө камчы тийгизе койбоду* (Абдукаримов). 2. *өт.* Тайсалдоо, эптеп кутулуунун аракетинде болуу. *Балам, буйтабай болгонду айтып бер. Тыякбыякка буйтап, чынын айтпады.*

**БУЙТАКТА** 1. Буйтоо, буйтап ойт берүү. *Кубанган бала чабактар ары-бери буйтактап сүзө башташты* («Жаш ленинчи»). 2. *өт.* Тайсалдоо, алаксыткандын амалын кылуу, туурасын айтпоо. *Эгерде бек арамзаланып, күңк-мыңк этип буйтактаса, Жума таарынмак* (Каимов). *Талканбаев иштин данегин чечпей буйтактады* («Ала-Тоо»).

**БУЙТАКТАТ буйтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЙТАКТОО буйтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЙТАЛА** Тайсалдоо. ‖ Тайтаңдатып ийри-буйру из түшүрүү. *Тайтаң-буйтаң буйталап, Жазып жатат беш бармак* (Бөкөнбаев).

**БУЙТАЛАТ буйтала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЙТАТ буйта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЙТКА** 1 Далдаа, булуң, буйгат. *Маманазар арабасын төмөн жагындагы буйткага койду* (Жантөшев). *Буйгат конуп буйткада, Бул жарлыкты укпастан, Калып калган бар бекен?* («Эр Төштүк»).

**БУЙТКОО** Буйгат, буйтка, далдаа. *Буйткоо жер.*

**БУЙТОО** 1. **буйта** этишинин кыймыл атоочу. 2. Бурулуш, буйтка, буйгат. *Көчөнүн сыртындагы буйтоо жолдогу алысын чөптөрдү чалып, ат ээсинин минип келе жатканын сезбегендей өз эркинче басыкта* («Ала-Тоо»).

**БУЙТООТ** Жолдон сырткары далдоо жер.

**БУК I** Капа, санаа, убайым, ичке толгон кайгы-капа, куса. *Эркин-эркин сырдашып, Ичтеги бук таралат* (Маликов). *Көп жылдан бери ичке сакталган бугун Татыбек ушул жерден чыгармак болду* (Байтемиров).

**БУК II** Бөгүп калуу, көрүнбөй жашырынып калуу, чөгүп калуу. *Ач карын түлкү жаткан ичтен тынып, Узун күн, үңкүрчөдө ташка бугуп* (Бөкөнбаев). *Алды жакта кабактан, Бугуп тосо калганы* («Манас»). *Жылганын оозунан чыга калган жөө туман жылып келип, кокту-колотторго бугуп калды* (Байтемиров).

**БУК III** Төөнүн чыгарган дабышы. *«Чөк» дегенде, «бук» деп тизесин жерге бүктөгөн* («Ала-Тоо»).

**БУК БОЛУУ** Капа болуу, буулугуу, зеригүү.

**БУКА I** 1. Уйдун тукумдатуучу эркеги. *Тандап туруп зоот бука алалы, Тукум үчүн тубар уйга салалы,* (Осмонкул). *Букасы жолдон качпаган, Күлгө оонап, жер чапчыган, өкүргөн үнүн баспаган* (Тоголок Молдо). 2. Куржундун ж.б. оозун чечүүдө керектелүүчү жыгачтан же мүйүздөн учталып жасалган шиш.

**БУКА II** *аңч.* Мылтыктын пистонго тийип, от алдыручу шибеге сыяктуу тетиги.

**БУКА СИЙДИК** Ийри-буйру жол (жол, коо). *Бука сийдик коо менен* («Семетей» С.К.).

**БУКА ТАРТЫШ** Төрт аягы менен туруп, арканды тартып ойноочу мелдеш оюнунун бир түрү.

**БУКА ТООРУШ** Көзүнүн төбөсү, же көзүнүн кыйыгы менен карап, астыртан бирин-бири андып туруу. *Өзү да астыртадан бука тооруш менен карайт* (Байтемиров).

**БУКАРА** 1. Бирөөгө таандык, бирөөнүн көзүн караган, кандайдыр бир мамлекетке, хандыкка ж. б. таандык болгон адам. *Сая кылар багы жок, Букаранын алы жок* (Тоголок Молдо). *Атап айткан даңкым жок Букараңыз боломун* («Мендирман»). 2. Кедей, эмгекчил карапайым эл. *Жакшылар көтөрүлгөнү турган калың букарадан айбыгып, жалтактай турган эле* (Элебаев). *Каршылаштык манапка өң букара бир тарап* (Токтогул).

**БУКАРАЛЫК** 1. Бир мамлекеттин жарандары. 2. Жөнөкөй элге тиешелүүлүгү.

**БУКАРЫ** *диал.* Түр салынып, коодолуп согулган таар.

**БУКАЧАР** Эркек торпок. *Салык түшүп айылга, Букачар торпок союлган* («Сейтек»). *Сары ала кунаажын менен күрөң букачардан башкасы саан үй* (Бейшеналиев).

**БУКВАЛИСТ** Айтылган, жазылган көрсөтмөлөрдөн алыс узай албаган, тышкы формасынан башкасына алы жетпеген, формалдуу түрдө болсо да талапты катуу сактоого аракет кылган адам.

**БУКВОЕД буквoлист** менен бирдей.

**БУКЕТ** Тандалып алынган тутам гүлдөрдүн жыйындысы, ылганып алынган гүлдөрдүн тобу, гүлдесте. *Урмат менен тосорго Камдаган букет гүлүң бар* (Осмонкул). *Жасадым келишитирип сонун букет, Кан-*

*тейин, эстей жүр деп, белек бердим* (Үмөталиев).

**БУКЖУГУЙ бужугуй** менен бирдей. *Мойну жоон букжугуй.*

**БУКЖУЙ** Мойнун жыйрып, бакжагай тартып туруу, бужугуй тарткан көрүнүштө болуу, букчуюу. *Букжуюп мойну жоон.*

**БУКЖУЙТ букжуй** этишинин аркылуу мамилеси. *Тыныбек сүзөнөөк бука көздөнүп, мойнун букжуйтуп турат* («Ала-Too»).

**БУКЖУНДА** Букжуйган кебетеде, кыймыл-аракетте болуу. *Ачуусу келсе, тарамыштай тырышкан Атай букжуңдаган Мамат менен чындап кармашып, көтөрүп чапты* (Каимов).

**БУКЖУЮУ букжуй** этишинин кыймыл атоочу.

**БУКИНИСТ** Пайдаланууда болгон жана сейрек кездешүүчү эски китептерди сатуучу киши. *Букинисттен уникалдык китепти Издеп жүрүп жаңы эле тапкандай* (Токомбаев).

**БУКИНИСТТИК** Кармалган, пайдаланылган жана эски китептерди сатып соода жүргүзүүчү. *Букинисттик дүкөн.*

**БУКЛЕТ** Бүктөлүп бир нече беттеп каталган, бир баракка басылган маалымат.

**БУКМЕКЕР** Тотализатор оюндарында акча коюу ставканы кабыл алуучу адам. Көбүнчө ат чабышта, чуркоодо болот.

**БУКСИР** 1. Өзүнчө сүзө албаган кемени, суу менен агызылган устундарды чиркеп алып сүйрөөчү кеме. 2. Чиркеп сүйрөөгө ылайыкталып жасалган жоон аркан.

**БУКСИРГЕ АЛУУ** *сүйл.* Бирөөгө жардам берүү катарында аны сүрөөгө алуу, жетектөө.

**БУКТА БАКАЙ** Сындуу, келишимдүү. *Букта бакай тор жорго* (фольк.).

**БУКТА** Чымырынан келген, чың, бекем. *Букта жигит.*

**БУКТУР бук II** этишинин аркылуу мамилеси. *Буктурбай бугу аттырбайт* (Тоголок Молдо).

**БУКТУРМА** 1. Жашынып туруп душманга сокку берүүчү жай. *Буктурма уюштуруу. Буктурмадан күтүү. Буктурмадан кол салуу.* 2. *өт.* Тымызын, билинбей жаткан амал. *– Сенин да буктурмада жаткан ачууларың бар экен го, Белек, – деди карыя* (Жантөшев). 3. Алгыр куш, бүркүттү таптаганда бир нерсе алуу үчүн үйрөтүлгөн амал, айла, ык.

**БУКТУРМАЛА** 1. Буктурма уюштуруу, жашырып коюу, маскировка жасоо. *Буктурмалап таштаган миналар көзгө көрүнгөн жок.* 2. *өт.* Жашыруун, билгизбей иштөө, жаман оюн тымызын иш жүзүнө ашырууга аракеттенүү. *Анча-мынча буктурмалап, алыс аттырган калптар менен мактай берсе да, Кулбарак кубанып уга берет* (Жантөшев).

**БУКУЙ** Кабагын салып, букжуюп отуруу, сурдануу. *Букуюп Бектурган отурат* (Токомбаев).

**БУКУЛДА** Бук-бук этип, анча катуу эмес үн чыгаруу. *Төө атасы Бозбуура Көп төөсү буркурап, Тегеректеп букулдап, Курчап алды Чүрөктү* («Сейтек»).

**БУКУЛДАТ букулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУКУЛДОО букулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУКЧУГУЙ** Жапалдашынан келген толук, букжугуй. *Букчугуй жигит.*

**БУКЧУЙ** Букжуйган көрүнүштө болуу.

**БУКЧУЙТ букчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУКЧУЮУ букчуй** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛ I** 1. (мунун, буга, муну, мында, мындан) *шилт. ат.* Жанындагы адамды же сүйлөөчүгө жакын турган нерсени, затты, багытты ж.б. көрсөтүүдө, шилтеп билдирүүдө колдонулат. *Бул киши темир устанын барсканчысы Мурза экен* (Сасыкбаев). *Абдылда бул жылганы өзү кароолдомок болду* (Байтемиров). *И-и, буга ишенбей турасыңбы* (Абдукаримов). *Бул жакта да, тигил жакта да кар баскан тоолор* (Сасыкбаев). 2. Мурунку сүйлөмдө айтылган затты, нерсени, ойду кайра кайталап айтпастан туруп, ошолорду белгилеп билдирүү үчүн колдонулат. *Береги тоо этегинен бери мөмөлөп алма, өрүгүнө көзүм тойду. Буларды кимдер жеп түгөтөт, чиркин* (Сыдыкбеков). *Бул сөз Жылдызканга күчтүү таасир берди* (Байтемиров). 3. Бир нерсени айрыкча белгилөө, баса көрсөтүү, айырмалоо үчүн колдонулат. *Демократия – бул анык элдик бийлик. Тынчтык – бул өмүр, бакыт, байлык* («Ала-Тоо»). *Согушту болтурбай коё турган эң акылдуу каражат – бул куралсыздануу.* 4. Маал, кез, учур ж. б. сөздөр менен айкашып мезгилди, убакытты тактоодо колдонулат. *Бул жыл. Бул кезде.* ‖ *Бул учурда ал эч нерсе көргөн да жок* (Байтемиров).

**БУЛ II** *туурасы:* **пул.**

**БУЛ III** Булкуп жулкуу, жулкуп тарткылоо, булай тартуу, эше тартуу. *Элемандын сырттаны Аркасынан Көкдөөнүн Найза менен булуптур* («Эр Төштүк»). *Этегимди ит булуп кетти. Мурут менен сакалын булуп-булуп ыргытып* («Жазгыч акындар»).

**БУЛА I** 1. Пахта, кенаф, кендир ж. б. өсүмдүктөрдөн же химиялык жол менен жасалма түрдө алынган, ийирүүгө, кездеме токууга, согууга колдонулуучу жүн, кебез сыяктуу жумшак зат. *Жасалма була. Кенаф буласы.* ‖ *Чубалып турган пахтанын булалары кимдин болбосун көз кумарын кандырат* (Байтемиров). *Чубалган ак жи-*

*бек сыяктуу пахтанын таза булаларынан ал нормасын ашыра төгүп берди.* 2. Кымбат баалуу кездеменин аты, ак жибек. *Ичке жагын жабуунун Була менен байлаткан* («Манас»). *Буламды булап алганда, Алты арам бузукту мыктап салганда* («Манас»).

**БУЛА II** 1. Чубалжый көтөрүлүү, оргуп чыгуу, түрмөктөлүп буруддоо. *Күн чыга ар бир үйдөн суйдаң көгүш түтүн булай баштады* (Каимов). *Төмөнтөн чаң ызгып, куюндап, асманга булап чыкты* (Абдыраманов). 2. Барпайып ачылуу, чубалып чыгып туруу *Сууңдан кере жүтсүн буудай арпа, Ачылсын жана дагы пахта булап* (Бөкөнбаев).

**БУЛААН** *же* **булоон** 1. Түгөнбөгөн, артынан толукталып турган. 2. Булоо чыгып көп төгүлгөн кан (мал көп союлганда, көп кийик атып алып союуда аккан жылуу кандан булоолонуп буу чыгуу менен байланыштуу). *Булаан кылып каапырды* («Манас» С.О.). 3. Чакчелекей, будуң-чаң, дүрбөлөн, тополоң. 4. Талоон. *Булаанга түшкөн мал.*

**БУЛАЙ** Буладай чыгып туруу, бултайып чыгып туруу, чети көрүнүү. *Шабыраалынын ичигинин саңсаң жүнү булайып чыга түштү* (Байтемиров). *Ай күндүн чачыраган нуру алдында Кылтыйып суу боюнда гүл булайган* («Советтик Кыргызстан»). *Ак эмчеги булайып, Акырын сүйлөп муңайып* («Эр Төштүк»).

**БУЛАЙТ булай** этишинин аркылуу мамилеси. *– Муну карачы,– деп Арун булайтып бир китепти сууруп чыкты* (Таштемиров).

**БУЛАК I** 1. Жер астынан чыккан суу, кайнар, башат. *Сөз атасы – кулак, суу энеси – булак* (макал). *Саздактан сызылып аккан жылүндөй булактар азыр Динардын көз алдына келди (*Сыдыкбеков). *Таш-таштан ыргып түшкөн сансыз булак, Шылдырап тунук жашын төгүп турат* (Токомбаев). *Шылдыр-шылдыр-шылдырап, Соккон желден сыр сурап, Сыр сурап, агып жатат миң булак* (Турусбеков). 2. *өт.* Бир нерсенин келип чыккан жери, кенчи, негизи. *Эмгек – жашоонун булагы* (Сыдыкбеков). *Кайнап чыккан көп ырдын Булагы, болгон Токтогул* (Барпы). ‖ Көп, толгон, мол. *Жазында булак сүтүм бар, Жарым айыл тойгондой* (Осмонов). 3. Жаман суюктук, ириң бөлүнүп чыгуучу кулак оорусу. *Кулагы булак болуу.*

**БУЛАК II** Бир нерсенин булт берип чыга калышын, кылактап, буластап көрүнгөн көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Кутүүсүз жерден булак этип түлкү ыргыса, атым жалт берет* (Байтемиров). *Мен артыма бурулуп карай бергенимде бир үч карышкыр булак этип жонго чыга түштү* (Элебаев). *Таштын жаракасынан кызыл түлкү булак дей түштү.*

**БУЛАКТА I** Оргуштап атуу, атырылып мол чыгуу, көп чыгуу. *Кайран эне долудан Булактап ийип сүт чыкты* («Сейтек»). *Денесинен тер булактап ага баштады.*

**БУЛАКТА II** Булак-булак эткен көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, буластоо, кылактоо. *Куйрук, жалы булактап түлкү качып келе жатат* (Жантөшев). *Түндүгүн тартса булактап, Боз үйдүн көркү келинде* («Мендирман»).

**БУЛАКТАТ булакта II** этишинин аркылуу мамилеси. *Окжетпес куйругун булактатып, улам жата калат* (Сыдыкбеков).

**БУЛАКТОО I булакта I** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛАКТОО II булакта II** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛАКТУУ** Булагы бар булак чыккан, башаттуу. *Тунук булактуу жылга.* ‖ *Булактуу белес, адыр, төр. Жатканын көрүп бир ыйлап* («Сейтек»).

**БУЛАЛУУ** Буласы бар. *Узун булалуу пахта.*

**БУЛАМЫК** Кичинекей балдарга берүү үчүн майга куурулган ундан жасалган коюу таттуу тамак. *Билемин түн уктабай эмизгенин, Кант кошуп ак буламык жегизгениң* (Үмөталиев).

**БУЛАН** Жапайы айбан, бугунун бир түрү. *Кулан, булан ойногон, Бөрү, түлкү жойлогон* («Манас»). *Сан куланды жоючу, Ичинде бардыр бир булан* («Эл адабияты»).

**БУЛАНТ** *эск.* 1. Бийик, жогору. 2. *өт.* Там үйдүн чатыры.

**БУЛАҢ** Күтпөгөн жерден кылак этип көрүнө калган, булт эте түшкөн же булактаган элести билдирүүдө колдонулат. *Бир түлкү булаң этип камыштын ичинен чыга качты* (Айтматов).

**БУЛАҢГЫР** Элес-булас, көрүнөөр-көрүнмөксөн, даана көрүнбөгөн нерсе. *Күү тыңшайм, күүгүм талаш чыгып тоого Булаңгыр карааныңды ээрчий берем* (Өмүрканов).

**БУЛАҢДА** 1. Булактоо, булт коюу, булаң этүү. *Карала барчын жок болсо, Качпастан түлкү булаңдайт* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. *өт.* Амалкөйлүк кылуу, митаамдык кылуу. *О, курбум, ишенбегин алдап кетет. Ал күлгөн – булаңдаган карган түлкү* (Токомбаев).

**БУЛАҢДАТ булаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Анда түлкү сереңдеп, Булаңдатып куйругун* (Токомбаев).

**БУЛАҢДОО булаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛАРЫК** *диал.* Мунарык.

**БУЛАСТА** Чач, жал, куйруктун келишимдүү, көрктүү көрүнүшү, көйкөлүп туруу, жалтылдап булактоо. *Түшүмдө да карагайлуу булакта, Буластайсың күндүз чачың таранып* (Маликов).

**БУЛАСТАТ буласта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛАСТОО булacта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛАТ була** этишинин аркылуу мамилеси. *Карагай жагып, арча өрттөп, Эт кайнап түтүн булатты* (Шүкүрбеков).

**БУЛАЧЫ** Була өсүмдүктөрүн изилдөөчү же өстүрүүчү адам.

**БУЛАЮУ булай** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛБУЛ** 1. Үнүн кубултуп, таңшып сайроочу боз түстөгү кичинекей канаттуу. *Буралган кырчын бактарга, Булбулдар сайрап конгон кез* (Бөкөнбаев). *Булбулу таңдан таңшыган, Бүркүтү көктөн шаңшыган* (Бөкөнбаев). *Бүркүт жүнү менен, булбул үнү менен* (макал). 2. *өт.* Обону өтө жагымдуу ырчы, төкмө акын. *Кыйноодо жүрүп картайды Кыргыздын сендей булбулу* (Бөкөнбаев). 3. Бугунун мүйүзүнөн алынуучу суюктуктан жасалган дарынын аталышы. *Мүйүзүнүн бар экен – Булбул деген дары экен* («Манас» С.О.).

**БУЛБУЛКӨЙ** Таңшыган булбул, мыкты обончу, акын. *Эшендин кесир зарпынан Эл эрмеги булбулкөй Эргип учтуң чынардан* (Токтогул).

**БУЛГА I** Имере айландыруу, имере шилтөө. *Кана, балдар, жүргүлө, кеттик,– деди Алымкул колун булгап* (Абдукаримов). *Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло, Алымкан* (Токтогул). ‖ Баш чайкоо. *Бирөө бир орундуу сөз айта алса, башкалары баш булгабай көнө калышат* (Жантөшев).

**БУЛГА II** 1. Кир кылуу, кирдетүү, кир жугузуу, булганч абалга келтирүү. *Өтүгү жаман төрдү булгайт* (макал). *Столдун үстүнө сыя төгүлүп, болгон буюмдардын баарын булгады* (Байтемиров). 2. *өт.* Жаманатты кылуу, жаман атка кондуруу, бузуп-жарган сөз сүйлөө, бузукулук иш кылуу. *Комсомол мүчөсүнүн таза наамын, Эч качан булгабайлык, болбосун шек* (Үмөталиев). *Дамылдамын деп жүрүп, Элдин ичин булгадың* (Барпы).

**БУЛГААРЫ** Иштетилген тери. *Бутунда кийген маасысы, Токо, булгаары эмес, акери* (Токтогул). *Таш тамандык кончтук жартык булгаарылар жалтылдап, көздүн жоосун алды* (Сасыкбаев).

**БУЛГАКТА булгалакта** менен бирдей. *Шалпар кур, булгактап тизесине тийген чачылуу ычкыр* (Токомбаев).

**БУЛГАЛА** Ары-бери булгап шилтөө, бир нече ирет булгай шилтеп желбиретүү. *Алиман кол булгалап эле жүгүрө берди* (Айтматов). *Туу кармаган аскер тууну желбиретип булгалады* (Жантөшев). *Шамбет, Сергей алдыңкы катарда жээкке карап, жоолук булгалап турушат* (Сыдыкбеков).

**БУЛГАЛАКТА** Булгай шилтелген кыймылдан улам аркы-терки термелген чайпалынкы абалда болуу, булгалаган аракет жасоо. *Сары желектерин булгалактап, сурнайларын созолонтуп көп вагончулар камбыл кыймылдоодо* (Сасыкбаев).

**БУЛГАЛАКТАТ булгалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛГАЛАКТОО булгалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛГАЛОО булгала** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛГАН булга II** этишинин өздүк мамилеси.

**БУЛГАНЧ** Кир, таза эмес, ыпылас. *Кашаалардын ичи өтө булганч* (Каимов). ‖ Ак ниеттүү эмес, бузуку. *Ага эч кандай булганч сезим аралашпаганына карганып ант бер десең да качпайм* («Ала-Too»).

**БУЛГАНЫЧ булганч** менен бирдей.

**БУЛГАРЫ** *туурасы:* **булгаары.**

**БУЛГАТ I булга I** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛГАТ II булга II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛГОО II булга II** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛГОО I булга I** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛГУН** Териси баалуу жаныбар. *Булгун, бута кийими, көөкөрдөй эки ийини* («Эл адабияты»). Ушул айбандын териси. *Ак көрпөсү булгундай, Аргымагы дулдулдай* («Семетей»).

**БУЛДА** *туурасы:* **пулда.**

**БУЛДУР I** 1. Ачык эмес, даана эмес. *Алыстан булдур кабарды Алыша албай кезкезде, Эсиңде бардыр өткөн күн, Кардыгып үндөр бүткөн күн* (Элебаев). 2. Айткан сөзү, тили так эмес, балдырак. *Анын тили булдур.*

**БУЛДУР II бул III** этишинин аркылуу мамилеси. *Этегимди итке булдурдум.*

**БУЛДУРА** Ачык эмес, даана эмес сүйлөө, айкын болбогон үн, дабыш чыгаруу. *Булдурайт, так сүйлөбөйт, чыкпайт үнү* (Токтомушев). *Түшүнүксүз тил менен бирдемени булдурайт* (Токомбаев). *Бир түрдүү жашыл килем – сайма талаа. Булдурап күмүш булак агат жана* (Маликов).

**БУЛДУРАТ булдура** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛДУРОО булдура** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛДУРСУН** Калың кайыштан өрүлүп, учуна коло уютулган, салмактуу, баатырлардын чоң камчысы. *Муруту токмок, булдурсун, Мунарык кактап ак басып* («Эл адабияты»). *Кара жаак булдурсун, Кармай калып имерди* («Манас»).

**БУЛДУРТТА** Булдуроо, тили сүйлөөгө келбөө булдуруктоо. *Ал ачуусу чындап келгенде тили оозуна батпай булдурттап, кекечтенип калат* (Байтемиров).

**БУЛДУРТТАТ булдуртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛДУРТТОО булдуртта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛДУРУК** Каракур сыяктуу токой илбээсини. *Кара боор, булдурук Кош канатын кыйдырып* («Саринжи-Бөкөй»).

**БУЛДУРУКТА** 1. Түшүнүксүз сүйлөө, булдурттоо. *Парман мас, тили булдуруктайт* (Бөкөнбаев). 2. Ачык көрүнбөө, элес-булас көрүнүү, чала була бүдөмүктөнүп көрүнүү. *Айланайын чоролор Булдуруктап көрүнгөн, Бул эмне билгиле* («Семетей»).

**БУЛДУРУКТАТ булдурукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛДУРУКТОО булдурукта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛЖУТ** *терс формада гана колдонулат:* **булжутпа.** Тап жылдырбоо, кылт эттирбөө, бура бастырбоо, былк эттирбөө. *Булжутпай жетүү. Булжутпай кармоо.*

**БУЛК I** Жулкуп тартуу, жулкуу, силке тартуу. *Кимдир бирөө менин сол колумду булкуп алды* (Токомбаев). *Желбегей жамынган кымкап чапанын өңүрдөн булка Гүлсүн сустая карады* (Сыдыкбеков).

**БУЛК II** Катуураак бүлк-бүлк эткен, кескин тартылган кыймылды, элести билдирүүдө колдонулат. *Бөйрөгү булк-булк этет бир башкача, Сезилет жардам сурап карагандай* (Үмөталиев).

**БУЛКАК** Чылгый териден жасалган көөкөргө окшогон узун, ичке моюндуу идиш (ички сыйымы чаначтан кичинерээк, көөкөрдөн чоң). *Булчуңу булкактай.*

**БУЛКУ** Жулкуу, силкип тартуу, кескин тартылган кыймылда болуу. *Булкуп алды чылбырды* («Манас»). *Паровоз катуу булкуп вагондорун, Кубатты солк эттирди «туш» дегендей* (Үмөталиев).

**БУЛКУГУЙ** Булкуй менен бирдей. *Булкугуй жигит.*

**БУЛКУЙ** 1. Толмоч, жоон болуп көрүнүү булкугуй тартып туруу. *Булкуюп семире баштоо.* 2. Бултуюп, сүйлөбөй коюу, мурчуюп үн катпоо. *Орунтайдын булкуюп дудук болушу Шарипке Түркүн чалдын кеңешине моюн сунуп бергендей сезилди* (Бейшеналиев).

**БУЛКУЙТ булкуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛКУЛДА** 1. Булкунган катуу кыймылда болуу. *Бурма сууга барганда Булкулдаган торпогум* (Тоголок Молдо). *Булкулдап жүрөк согот, айтпа курбум* (Турусбеков). 2. Ачуулануу, тултуңдап, буркан-шаркан түшүү. *Суусар эми чындап эле ыза болуп, булкулдай баштады* (Байтемиров).

**БУЛКУЛДАТ булкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛКУЛДОО булкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛКУН** Жулунуп-жулкунуу. *Бир булкунду да, тигинин колунан бошоду* (Байтемиров). *Аты семиз акырында жулкунат, Арабасын ала качып булкунат* (Осмонкул). ‖ Алкынып буркан-шаркан түшүү, албууттануу. *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп ээ-жаа бербей кетме жайы бар* (Байтемиров).

**БУЛКУНТ булкун** этишинин аркылуу мамилеси. *Бууруулду минип булкунтуп, Атырылтып жулкунтуп* («Манас»).

**БУЛКУНУУ булкун** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛКУШ** 1. **булку** этишинин кош мамилеси. 2. *өт.* Кармашуу, алышуу. *Мурунтадан Алмандын Булкушкан жоосу кетпеген* («Манас). *Булкушар чагың боло элек, Булчуң этиң толо элек* («Манас»).

**БУЛКУЮУ булкуй** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛОО I** Булоолонуп чыккан буу, бууланып көтөрүлгөн буу. *Суудан чыккан буу сыяктуу болуп башыман булоо көтөрүлдү* (Мавлянов). *Булоосу билинер-билинбес болуп чыгып турган ысык катырмадан бир сындырым алды* (Абдукаримов),

**БУЛОО II була II** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛООЛОН** Буу чыгаруу, булоо басуу, бууга толуу. *Суукка карабастан, чекеден тер чыгып, булоолонот* («Кыргызстан аялдары»). *Казандагы эт булоолонуп чарага түшкөн учурда бирөө туруп, кол жуудура баштады* (Убукеев).

**БУЛООЛОНТ булоолон** этишинин аркылуу мамилеси. *Ашпозчулар так ысыгы мына деп Булоолонтуп ачып жатат казканын* (Токомбаев).

**БУЛООЛОНУУ булоолон** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛООН *к.* булаан.** *Канча малын кырышып, кандуу булоон кылышып (Фольк.)*

**БУЛОЧКА** Жумшак, таттуу ар кандай формадагы кичинекей нан. *Күн сайын эртең менен бир стакан айран, бир булочка, эки кесим нан менен тамактанам (Сухомлинский).*

**БУЛТ** Булак этип чыга калган кескин аракетти, ойт берген элести ж. б. билдирүүдө колдонулат. *Бадалдан коён булт этип ыргып чыкканда экөөбүздүн мылтыгыбыз удаа атылды* (Каимов). *Жапырайган итке окшош кара неме булт этип бадалдан бадалга боюн урду* (Каимов).

**БУЛТАЙ** Бултуюп ачык чыгып калуу. *Тили бир жагына бултайып, кара көк тартып чыгып жатат* (Байтемиров).

**БУЛТАЙТ бултай** этишинин аркылуу мамилеси. *Тилин бултайтып Славик борсоюп алдымда турду* (Бейшеналиев).

**БУЛТАК** Бултайып чыгып турган нерсенин, булактаган же бултундаган куйруктун ж. б. ары-бери чайпала кыймылдаган

абалда болушун билдирүүдө колдонулат. *Бултак-бултак этүү.*

**БУЛТАКТА** 1. Бултак-бултак эткен абалда болуу, бултулдап чайпала кыймылдоо. *Эки-экиден теңденген чаначтары бултактап, булуңдары тирсиет* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Тайсалдоо, амал таап башка жолго салып кетүүгө аракет кылуу, жазгырып кетүүгө аракеттенүү. *Эгер колхоздун эртеңкисине көзү жетип туруп да бултактай тургандар болсо, андайларды, барар жолуна салуу керек* (Элебаев).

**БУЛТАКТАТ бултакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Карабек мындан ары Мамбеткулду бултактата албасына көзү жетти* (Каимов).

**БУЛТАКТОО бултакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛТАНДА бултакта** менен бирдей. *Теңденип келаткан чаначтар эки жагында бултаңдайт* (Сыдыкбеков).

**БУЛТАЮУ бултай** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛТУГУЙ** Бултуйган, бултук.

**БУЛТУЙ** 1. Тултуюп шишигендей, көөп кеткендей же томпоюп чыгып тургандай абалда болуу. *Буту бултуюп шишип чыкты.* 2. Дулдуюп сүйлөшпөгөн, таарынган абалда болуу *Таарынган баладай бултуюп отурат* (Касымбеков).

**БУЛТУЙТ бултуй** этишинин аркылуу мамилеси. *Буттарыбыз үшүбөсүн деп, алар бултуйта чулгоо ороп, булгаары өтүктөрдү кийишет* («Чалкан»).

**БУЛТУК** Бултуйган, тултуюп семиз, толук. *Бултук бет.*

**БУЛТУКТА** Бурк-бурк этип бултундап таарынуу, тултундоо. *Асыл бултуктай баштады.*

**БУЛТУКТАТ бултукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛТУКТОО бултукта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛТУЛДА** 1. Булт-булт этүү, улам бир жагынан бултундап туруу, толук көрүнүштө болуу. *Эр Чубактын Көкала Букадай мойну бултулдайт* («Манас»). ‖ Жылт коюу, кылт коюу, булт коюу. *Коён жүрөт жыбытта. Коркуп качып бултулдап* (Осмонкул). 2. Каардануу, тултундап, жактырбаган түр көрсөтүү, бултундоо. *Буулукмасы кармап, ал бултулдай баштады.*

**БУЛТУЛДАТ бултулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛТУЛДОО бултулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛТУҢ** Бултуйган кебетедеги көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Бултуң-бултуң желе басуу.* // Тултуктаган, бултуктаган таарынычтуу көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Аялы жактырбай бултуң этти* («Ала-Тоо»).

**БУЛТУНДА** 1. Бултуң-бултуң этүү. *Эткел денеси баскан сайын бултуңдайт.* 2. Бултуктоо, каарданып, таарынган абалда болуу, тултундоо. *Валя Сабиранын сөзүн тескери алып, бултуңдап басып, үйүн көздөй кетти* (Сасыкбаев).

**БУЛТУНДАТ бултунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛТУНДОО булгунда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛТУЮУ бултуй** этишиннн кыймыл атоочу.

**БУЛУМ** *туурасы:* **буулум.**

**БУЛУҢ** 1. Бурчтанып кирип кеткен бурулуш, имерилиш жер, бурулуш, имерилиш, далдаа, буйтка. *Жардын алдындагы имерилиште токойлуу булуң бар* (Сасыкбаев). *Карышкыр тийип, койлор жүрөт ар жакта, Булуң, бурчка кирип кеткен дырылдап* (Борбугулов). ‖ Деңиздин, көлдүн кургактыкты карай бурчтанып кирип кеткен жери. *Көлдүн береги, жашыл булуңунда жылыга балдар лагери турат* (Сыдыкбеков). *Тузакчылар чүрөктү баласы менен тузак тартылган булуңга карата айдап келишти* (Жантөшев). 2. Бурч. *Чаначтын берекеси – булуңунда* (Сыдыкбеков). *Чаначтын булуңдары тирсийип, күлдүрт-күлдүрт чайкаганда ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков).

**БУЛУҢ-БУРЧ** Белгилүү бир территориянын, жердин, же кандайдыр бир нерсенин, орундун, жайдын ар кандай тармактанып кеткен туш-туш жагы, ар кандай тарабы, кычыктары, чет жакасы. *Анда биздин кең өлкөнүн бардык булуң-бурчунан пионерлер келишкен* (Сыдыкбеков). *Булуң-бурчка кирип кетти жашынып* (Борбугулов).

**БУЛУНДУУ** Булуңу бар, булуң-булуң келген. *Булуңдуу жерге туш келдик.*

**БУЛУҢЧА** Кичинекей булуң, булуң сыяктанып кеткен жер. *Тандап алган жери береги көлгө кирип барган булуңча* (Сыдыкбеков). *Тигил булуңчада бийик чыккан камыштар термелет* (Сыдыкбеков).

**БУЛУТ** Атмосферада коюуланып топтолуп, жамгыр, кар, мөндүр пайда кылуучу буулар. *Буржуйган кара булуттар Тоолордун башын чулгады* (Токомбаев). *Күз келди жамгыры көп булут коштоп* (Үмөталиев). *Булуттан сызган нөшөрү Жер бетине төгүлгөн* (Барпы).

**БУЛУТ КАЗЫ** Анча семире албаган, майы текши эмес, ала телек болгон жука казы. *Булут казы чыкты.*

**БУЛУТСУЗ** Булут жок, булут каптабаган. *Булутсуз асман көгөрүп, Толкунсуз көлдөй көрүнгөн* (Бөкөнбаев).

**БУЛУТТА** Булут басуу, булут пайда болуу, булуттануу. *Булуттап, күндүн көзү көрүнбөдү.*

**БУЛУТТАН** Булут пайда болуу, булут каптоо, булут басуу. *Жамгыр басылса да, асман ала булуттанып, ага кошул-ташыл болуп жөө туман каптай баштады* (Каимов).

**БУЛУТТАНУУ** **булуттан** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛУТТУУ** Булут каптаган. *Бүгүн күн булуттуу.*

**БУЛЧУГУЙ** Бултуйган, бултуюп чыгып турган. *Жаагы булчугуй.*

**БУЛЧУЙ** Бултуюу, бултуюп чыгып туруу, уурт жаак ж.б. шишимек тарткансып көөп туруу. *Сатар эби-сынсыз булчуюп, ошонусуна мактангандай ого бетер күрсүйөт* (Бейшеналиев).

**БУЛЧУЙТ** **булчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУЛЧУҢ** Адамдын, айбандын денесиндеги жыйрылып жана тартылып туруучу касиетке ээ эттүү мүчөсү. *Булчуңдары булчуйган баатыр шахтерлор тынбай иштеп жатышат* (Сасыкбаев). *Арткы сандын булчуңу Канат чийдей түйүлгөн* (Осмонкул).

**БУЛЧУНДА** Чоң сугунуп алып, бултуңдап чайноо. *Кадыр оозундагы этин булчуңдай чайнап сүйлөдү* (Сасыкбаев).

**БУЛЧУНДАТ** **булчуңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Ашым уурттарын булчуңдатып ышкынды чайнай баштаган кезде балдар дуу күлгөн* (Сыдыкбеков).

**БУЛЧУНДУУ** Булчундары чың. *Булчуңдуу кол.*

**БУЛЧУЮУ** **булчуй** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЛЬВАР** Сейилбак, шаардын көчөлөрүнүн ортосундагы бак-дарактуу кеңири аллея. *«Жаш гвардия» бульвары. «Эркиндик» бульвары. Вера менен эки саатча бульварда басып жүрдүм* (Шимеев).

**БУЛЬДОГ** Кыска түктүү, жалпак тумшуктуу, төшү кең, кыска жана жоон буттары бар иттин тукуму.

**БУЛЬДОЗЁР** Тракторго чиркелген жазы, миздүү калың калагы бар, жерди тегиздөө, сүрүү иштерин жүргүзүүгө ылайыкталган жасалга жана ушундай жасалгасы бар трактор. *Калган жол участокторуна бульдозер, самосвалдар жиберилди* («Советтик Кыргызстан»).

**БУЛЬДОЗЕРИСТ** Бульдозер менен иштеген адам. *Бульдозерист Балтабай Исмаилов биринчи иретте кайсы жерди түзөтүү жөнүндө сүйлөдү* («Жаш ленинчи»).

**БУМАЗЕЯ** Кездеменин түрү, б.а., момозуй.

**БУМЕРАНГ** Чебер колдонгондо ыргытуучуга кайра кайтып келүүчү ийилген таяк түрүндөгү учуучу курал. *Бумеранг, негизинен Африка элдеринде көп колдонулат* (Шоокум).

**БУНКЕР** Дан ж.б. нерселерди топтоп, башка транспортко жүктөгөнгө чейин убактылуу сактап туруучу жай, комбайндын чөнөгү. *Кызыл буудайлар бункерге чубуруп түшүп жатты* (Баялинов). *Бункерлерден куюлган таш көмүр платформаларга толууда* (Сасыкбаев).

**БУНТ** Баш аламан, стихиялуу пайда болгон көтөрүлүш, жаңжал.

**БУП** Бутылканын тыгынын ачканда же атылып ыргыганда чыккан сыяктуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Кол тие электе эле бутылканын тыгыны буп деп ыргып кетти.*

**БУР I** 1. Түтүндүн, чандын, буунун ж.б. бурулдап көтөрүлүшүн, түрмөктөлүп уюлгуп чыгышын билдирүүдө колдонулат. *Оозунан көк түтүндү бур дегизди. Паровоздун түтүнү бур-бур этип чыгып жатты.* 2. Бир нерсенин жыты келүү, аңкып туруу, кескин түрдө жыттануу, каптоо. *Ууз кымыздын жыты жакын отурган Элебестин мурдуна бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Деңиз көк, катарына жалт-жалт жатып, Жыпардай аңкыган жыт бур-бур этип* (Осмонов).

**БУР II** 1. Негизги же бет алган багытынан башка жакка багыт алдыруу, бет алдыруу. *Күн бешимден оой бергенде, аттын башын айылга бурдук* (Каимов). *Ала кылбай, чаңкап турган эгинге, Тегиз бурган Жыламыштын сууларын* (Осмонов). 2. Өзгөртүү, башкача кылуу. *Кудайназар атыкпай, Кубултуп атым бурбасам* («Эр Табылды»). *Эч кандай күч түсүн бурбайт өңүңдүн* (Токомбаев). 3. Бөлүү, кандайдыр бир нерсеге карата топтоо, көңүл коюу, багыттоо. 4. Буралган абалга келтирүү, толгоо. *Буруп колун байлаткан, Бугудай көзүн жайнаткан.* (Барпы). *Асыл сөз тизгинин башкага бурду* («Жаш ленинчи»). *Жылдызкандын үнү Татыбектин көңүлүн бурду* (Байтемиров).

**БУРА I** 1. Буркурап жыттануу, буруксуп аңкуу, буркуроо. *Жайкы учур, түрдүү чөптүн жыты бурап* (Турусбеков). *Арчанын майда күкүмү чатырап, жагымдуу чайыр жыты бурады.* (Абдукаримов). 2. Уюлгуп, түрмөктөлүп жогору көтөрүлүү, уюлгуп чыгуу, бургуу. *Туш-туштан жалын чыгат, түтүн бурап* (Үмөталиев). *Оолгуп Бакбур сүйлөсө, оозунан түтүн бураган* («Курманбек»). *Көгөргөн чөпсүз боз талаанын боз топурагы белден бурайт* (Жантөшев). 3. Көйкөлүү, жайкалуу. *Бетеге белден бураган, Кулун-тайы чуулаган* (Осмонкул).

**БУРА II** Кандайдыр бир тетикти, бурооңу ж.б. буруп, толгоп айландыруу. *Коңур үн бийик чыгарып, Комузун күүгө бурады* (Бөкөнбаев). *Приемникти бурап аяш койду эле, үйдүн ичи ырга-күүгө жаңырды* (Осмонкул). // Толгоо, толгонуп ооруу. *Ичим бурап, чыдатпай баратат,– деди Айнагүл* (Сыдыкбеков). *Эми киндигинин алды катуу*

*бурады* (Сыдыкбеков).

**БУРА БАСТЫРБОО** 1. Тап жылдырбоо, басууга мүмкүндүк бербөө. *Быйыл кар оор. Бура бастырбайт* (Касымбеков). *Адылбекти ата ордуна тутуп калган Бакен да аны бура бастырбайт* (Өмүрбаев). *Үйгө келип калса, балдарым туш-туштан жабылып, бура бастырышпайт* («Ленинчил жаш»). *Ыйлаак көрүнгөн жерде сөзгө алып, Ракыяны бура бастырбай убара кылат* (Байтемиров). 2. Ошол замат, токтоосуз. *Малчы малайларына бербей жүргөн акыларын бура бастырбай туруп алып бериптир* (Убукеев).

**БУРА СҮЙЛӨӨ** Күлкүгө, тамашага чалып сүйлөө, сөздү тамашага, күлкүгө айландыруу. *Бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы* (макал). *Алардын ырдаган ыры, каткырык-күлкүлөрү бура сүйлөгөн тамашалуу, туздуу сөздөргө жык толгон* (Убукеев). *Бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы дейт, тамашаны билбейсиңби? – ой жолуң болгур десе* («Чалкан»). *Окус кыйыгына тийсе, улуктардын айнымайы бат экенин башынан билген Жаркынбай бура сүйлөп, жумшарган пейилин дагы жибитип көрүүнү көздөдү* (Бейшеналиев).

**БУРАДАР** Жолдош, теңтуш, курдаш. *Сапар бурадарынын бул кыялын жактырбай, бөйрөккө нукуп алды* (Бейшеналиев). *Жан бурадар жигиттер, Жалпы туруп көзүңдү ач* («Курманбек»). *Бурадар Аккан сөз байка, Курдаштык жайын айтайын. Жакшылардын мүнөзүн, Жар бурадар сыначы* («Эл адабияты»).

**БУРАК I** Эпостордо, жомоктордо айтылчу чаалыкпас, чарчабас тулпар, мыкты күлүк. *Туйгун аяш атаңдын Белекке калган бурагы.* («Манас»). *Улуу тоолук киндиктеш көчмөн уруулардын таалайына жаралгандай болгон Күнбосун ажонун бурак аты жок да* (Субанбеков).

**БУРАК II** *сейр.* Толуп турган жаш мезгил, гүлгүн жаштык. *Жаш өмүрүң гүлдөтүп, эркин өстүң жаш бурак* (Бөкөнбаев). *Ак мөңгүлүү тоолордун Суусундайсың кыз бурак* (Бөкөнбаев).

**БУРАК III** *сүйл.* брак менен бирдей. *Буракка чыккан ат.*

**БУРАК IV** Койдун кашаасы.

**БУРАК V** Жагымдуу жыт. *Алма бурак.*

**БУРАЛ** 1. **бура II** этишинин туюк мамилеси. 2. Желбирөө, желпилдөө. *Кылкылдаган кызыл туулар буралып, Эркек, аял эл толкундап кубанып* («Ала-Too»). 2. Чарчоо, чаалыгуу, алы кетүү, бурандаган абалга жетүү. *Бастыра албай тоо-ташка Калгандыр аты буралып* (Тоголок Молдо). 3. Жаш кырчындай бойго жетип, солкулдаган абалга келүү, гүлгүн жаштык мезгилине жетүү. *Жаш кайыңдай буралып, жаштар өссүн өмүрүң* (Үмөталиев). *Күнгөйдүн кызы Бегимжан Гүлкайыр болду буралган* (Үсөнбаев). *Бурала басып жүргөнүң, Белестин кызыл гүлүндөй* (Тоголок Молдо).

**БУРАЛМА** Бурама түрүндө, спираль түрүндөгү түзүлүшү бар. *Буралма тепкич.*

**БУРАЛТ бурал** этишинин аркылуу мамилеси. *Заматта кут орногон чекке жетип, Буралтып тууну көккө булгалаймын* (Үмөталиев).

**БУРАЛУУ бурал** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРАМА** 1. Бурап бекитүү үчүн колдонуучу спираль сыяктуу сайы бар стержень, буроо. *Өндүрүштө ар бир тетиктин, бураманын чоң ролу бар* (Сасыкбаев). *Тракторго бурама, кемтигине курама* (Осмонов). 2. Бурап тешүү, көзөө үчүн колдонулуучу аспап.

**БУРАМАЛУУ** Бурамасы бар, бурама салынган.

**БУРАНА** *ар.* Баш жагы кууш келип, бийик салынган архитектуралык курулуш, мунара. *Тарыхтан кабар берип турган өңдүү, Карачы, Чүй боорунда буранаңы* (Шүкүрбеков).

**БУРАҢ** Солкулдап бойго жетип турган, жаш кырчын. *Тамшанат ак сакалдуу көп карылар, Кирчүдөй бураң жигит болсо чагы* (Маликов). *Быйыл көрсөм, көкөлөпсүң, өсүпсүң, Бутагы көп, бураң бойго жетипсиң* (Бөкөнбаев).

**БУРАҢ БЕЛ** Ичке бел, кыпча бел (көбүнчө бойго жеткен кыздарга, жаш келиндерге карата колдонулат). *Тетигинде кир жайып, Карап турат бураң бел* (Турусбеков). *Жаркырап күлүп, ойноп чыга келер, Ийилип тал чыбыктай бураң белиң* (Баялинов).

**БУРАҢ-БУРАҢ** Алы кеткен, чарчап-чаалыккан же чабал көрүнүштөгү майышкандай кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Эки чака сууну көтөрө албай, бели майышып бураң-бураң этет* (Бөкөнбаев).

**БУРАҢДА** 1. Бураң-бураң этүү, ийрендеп басуу. *Тумакчан киши Булак-Башы белесин көздөй бураңдап жөнөдү* (Сасыкбаев). *Кардың тойбой бураңдадың* (Маликов). 2. *өт.* Келишимдүү чоголуу, буралуу. *Жалжал көз, жаш кайыңдай бураңдайсың* (Маликов).

**БУРАҢДАТ бураңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРАҢДОО бураңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРАП КОЮУ** Астыртан айнытып, азгырып салуу, бирөөгө каршы үгүттөө, көкүтүп коюу. *Сени бирөө бурап койсо керек, токточу* («Ала-Too»). *Бир түнү Бийаалы менен Түркмөн Абдыны чакырып алып колтугуна суу бүркүп, бурап коюшат, аны биз билбейбиз* (Жантөшев).

**БУРАТ I бура** этишинин аркылуу мамилеси. *Табылды келет чуратып, Артынан чаңын буратып* («Эр Табылды»).

**БУРАТ II бура II** этишинин аркылуу мамилеси. *Желимдеп оозун бекиттим, Бу кызык кылып бураттым, Белги калбай калсын деп* («Манас»).

**БУРБУЙ** Эрдин бүрүштүрө чормойтуу. *Мурдун чүйрүп чурмуюп, Оозун бүйрүп бурбуюп, Ойноп жатат бийчиси* («Эр Табылды).

**БУРБУЙТ бурбуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРБУНДА** Бурбуйган кебетеде дулдуңдоо, жактырбаган мүнөз көрсөтүү. *Атай да тигилерге тирөөч болуп бурбуңдап, Кычанды жекирди* (Бейшеналиев).

**БУРГАДЫМ** *диал.* Ыргыттым *Күңгөйдөн гүл бургадым, Күйгөнүмдөн ырдадым* («Эл адабияты»). *Ырайымсыз мастаны, Балдарды сууга бургады* («Эл адабияты»).

**БУРГАК** Борошо, бурганак. *Бургак болот мунарык, Жер көрүнбөйт тунарып* (Тоголок Молдо).

**БУРГАКТА** Борошолоо, бурганактоо. *Катуу жааса бургактап, Борошолоп шыбыргак* (Тоголок Молдо).

**БУРГАКТАТ бургакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРГАКТОО бургакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРГАНАК** Кар аралаш бороон, бургак. *Кар борошолоп бурганак чыкканда эки айылдын арасына адам бастырбай буюгат* (Сыдыкбеков).

**БУРГАНАКТА** Кар аралаш бороон болуу, бурганак болуу. *Аңгыча алай-дүлөй болуп кар бурганактай баштады* (Бөкөнбаев).

**БУРГАНАКТАТ бурганакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРГАНАКТОО бурганакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРГАНАКТУУ** Бурганак болгон, бурганак аралаш. *Бурганактуу күндөр. Бурганактуу бороон.*

**БУРГОМИСТР I** Кээ бир Батыш Европадагы өлкөлөрдө шаардык өзүн-өзү башкаруунун жетекчиси.

**БУРГОМИСТР II** Полярдуу чайка.

**БУРГУ I** Ар кандай катуу заттарды бурап тешүү, казуу ж.б. үчүн колдонулуучу аспап, курал. *Жер жүрөгүн бургу менен бургулап, Көкүрөгүн мети менен ургулап* (Токомбаев). *Электр бургулар зуулдап иштөөдө* (Сасыкбаев).

**БУРГУ II** Уюлгуп көтөрүлүү, буруулдап чыгуу. *Бургуп чыккан түтүн.* ‖ Аңкуу, буркурап жыттануу. *Атырдай жыты бургуган Тоодогу эпкин гүл менен* (Токомбаев).

**БУРГУЗ бур II** этишинин аркылуу мамилеси. *Кичинекей сууну да күнү-түнү карашып, жолдо эч кимге бургузбайт* («Советтик Кыргызстан»).

**БУРГУЙЛА** 1. Тез жүрүү, катуу жүрүү. *Кара ат бургуйлап катуу жүрдү.* 2. Буруулдоо, буркурап чыгуу. *Бургуйлаган чаңды жутуп, бир колонна болуп келе жатты* («Советтик Кыргызстан»).

**БУРГУЙЛАТ бургуйла** этишинин аркылуу мамилеси. *Астындагы чабдар быштысын бургуйлатып Эмил бригадир жетип келди* («Жаш ленинчи»).

**БУРГУЛА** Бургу менен көзөө, тешүү. *Геологиялык топтун начальниги бизди скважинаны бургулап жаткан жерге ээрчитип барды* («Кыргызстан аялдары»).

**БУРГУЛАН бургула** этишинин өздүк мамилеси. *Барып жазгын түгөнбөгөн алтын кен Бургуланган чоюн кара билекке* (Бөкөнбаев).

**БУРГУЛАТ бургула** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРГУЛАШ бургула** этишинин кош мамилеси.

**БУРГУЛОО бургула** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРГУЛООЧУ** Бургулоо иштерин жүргүзүүчү. *Шлангалуу аспабын көтөргөн бургулоочулар капкара болуп уюган жаңы, катмарга бет алышты* (Сасыкбаев).

**БУРГУТ бургу II** этишинин аркылуу мамилеси. *Араба чаң бургутуп өтө берди* (Токомбаев).

**БУРДА** 1. Жулкуп тартуу, капшыра кармоо. *Маңгыт качырган бойдон аны бурдап өтмөк болду* («Ала-Тоо»). *Бурдай кармап чөнтөгүнө салды* («Ала-Тоо»). 2. Аптыга тамактануу, лапылдатып сугунуу. *Мамбеткул даамдуу оокатты бурдап жатты* (Каимов). *Чай жетпегендери кургак нандарын бурдап сугунуп жатышты (*Жантөшев). *Жээктеги саргара элек чөптөрдү бурдап аймалады.* («Ала-Тоо»).

**БУРДАЛ барал** менен бирдей. *Бурдалына келгенде, Бузукту салат элиме* («Манас»).

**БУРДАТ бурда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРДАШ бурда** этишинин кош мамилеси.

**БУРДОО бурда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРДУК** Ачыга апылдатуу, бурдай сугунуу, сугалактануу. *Башка койлордон алакчылап өзүнчө жем берилген койлор арпа, улпак аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев).

**БУРДУР бур II** этишинин аркылуу мамилеси. *Бет алган жакка бастырбай Кайра артына бурдуруп* (Үсөнбаев).

**БУРЖУА** 1. Феодализм доорундагы орто катмардын өкүлү, шаар тургуну. 2. Жеке менчикчил буржуазия табынын өкүлү.

**БУРЖУАЗИЯ** 1. *тар.* Феодализм доорундагы жогорку катмарга кирген дворянство менен духовенствого каршылыгын күчөткөн орто катмардын өкүлдөрү. 2. Өндүрүш куралдарына, каражаттарына ээ бол- гон, капита-

листтик пайда менен жашап, жалданма эмгекти эксплуатациялоо аркылуу кошумча нарк тапкан капиталисттик коомдогу үстөмдүк кылуучу тап. *Элдик революция толкуну Буржуазияны титиреткен* (Шүкүрбеков).

**БУРЖУАЗИЯЛЫК** буржуазия дегенге таандык. *Буржуазиялык-демократиялык революция.*

**БУРЖУАЗИЯЧЫЛ** Буржуазиянын таламын талашкан, буржуазияны жактоочу. *Буржуазиячыл улутчулдар.*

**БУРЖУГУЙ** Жапалдашынан келген, мойну кыска, толук, бакжайынкы тарткан. *Буржугуй карыя балбанга түшчүдөй болуп жеңдерин өйдө чыканагына чейин түрүнүп алган* (Баялинов).

**БУРЖУЙ I** *сүйл.* Буржуазия табынын өкүлүнө, буржуага карата кодулоо иретинде колдонулуучу сөз. *Андыктан буржуйлар көрүшөт жек, Кекетишет өлтүрсөк деп* (Үмөталиев).

**БУРЖУЙ II** Буржугуй тартып жоон, толук көрүнүү. *Мойну калың кашкулактай буржуйган* (Токомбаев). *Булчуңу чоюн буржуя, Бургусун кезеп жатканда* (Осмонкул).

**БУРЖУЙТ буржуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРЖУК** Буржуйган бодур-бодур, тегиз эмес. *Бети буржук-буржук болуп калыптыр.*

**БУРЖУНДА** Дугдундаган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Кармыш бугжуңдап кайра-кайра мыжыгууда* (Бейшеналиев).

**БУРИМЕ** *адаб.* Алдын ала даярдалып берилген уйкаштыкка салып ыр жазуу. *Жеңижок: Ташкенге барсаң бара бер Тайгандай чуркайт карагер. Таалайыңа туш келди, Тартынбай атың чаба бер! Токтогул: Коконго барсаң барабер Коёндой ыргыйт Карагер, Кор кылбайт атың барында, Коного байлап чаба бер!*

**БУРК** 1. Түтүндүн, чандын ж. б. бүрккөн сыяктуу үзүлүп-үзүлүп буртулдап, бур-бур этип атылып чыгышын билдирүүдө колдонулат. *Түтүнү бурк эте түшүп, машина жөнөй берди* (Сыдыкбеков). 2. Орондой үн чыгарып, жактырбаганын же таарынычта экендигин билдирүүдө колдонулат. – *Кетем – деп, бурк-бурк этти* («Ала-Тоо»). – *Мен сөз сурадым сенден, – деп жер караган бойдон бурк этти* (Байтемиров).

**БУРК-ШАРК** Суюктуктун баркылдап катуу кайнаганын, кагылышып, бака-шака түшкөн басмырт дабышты, баркылдап чыккан үндү ж. б. билдирүүдө колдонулат. *Казанда бурк-шарк түшүп эт кайнап жатат.*

**БУРКАН** 1. Кудай. 2. *өт.* Чокуна, табына турган бут. *Көзкамандын үйүндө, Көкчөкөздөр чогулуп, Колодон кылган буркан-га, Ошолор тобо кылат деп угуп* («Манас»). *Колодон кылган бурканды Кызыл пилге жүктөтүп* («Манас»). *Буркандын аягын кучактап, Бул ушинтип калыптыр* («Манас»).

**БУРКАНДА** 1. Көбүрүп-жабыруу, көбүктөнүү, ашып-ташуу, бууракандоо, буркан-шаркан түшүү. *Бозо таш буркандап көбүрүп жатты. // Кезегинде суу кирсе, кызыл чийкил болуп буркандап, ылай көбүктөрүн көккө серпет* (Байтемиров). 2. Буркан-шаркан түшүп ачуулануу. *Самтыркандын оозунан көбүгү чыгып, буркандап алыптыр* (Байтемиров).

**БУРКАНДАН буркaнда** этишинин өздүк мамилеси. *Ошол күнкү жоругуңа Бурканданам буулугуп* (Бөкөнбаев).

**БУРКАНДАТ буркaнда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРКАНДОО буркaнда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРКАН-ШАРКАН** 1. Суунун бууракандап акканын же суюк нерселердин катуу кайнаганда чыккан дабышын, көбүрүп-жабырганын, көл-шал түшкөн абалды билдирүүдө колдонулат. *Алима эже буркан-шаркан болуп жаткан дарыянын мупмуздак суусу менен бетин жууду* (Абдукаримов). *Кара-Суу буркан-шаркан күрүлдөп жатат* (Касымбеков). *Саамал кымызга аралашып аябай буркан-шаркан түшүп көбүрөт го?* (Байтемиров). *Казан буркан-шаркан түшүп кайнап жатат* (Касымбеков). *Буркан-шаркан булоолонгон, Ысык терге кирингген* (Бөкөнбаев). 2. Уу-дуу болгон кызуу, жандуу кыймылды билдирүүдө колдонулат. *Эл буркан-шаркан түшүп калды* (Абдукаримов). *Машина буркан-шаркан жатпай тынып, Арбытат ак алтынды тоо-тоо кылып* (Абдраимов). *Ар кайдан жүрөгүңдү жанып өтөт, Кайнаган эмгек күүсү буркан-шаркан* (Абдраимов). 3. Албууттанууну, бууракандап ачууланууну, буркулдап долуланууну билдирүүдө колдонулат. *Бурулча буркан-шаркан түшүп эшикке чыкты* (Байтемиров). *Сурмахан буркан-шаркан түшүп, Каныбекти дагы урмакчы болот* (Жантөшев).

**БУРКУ** *сейр.* Түрдүү, түркүн (эпостордо). *Манжуулардын алтымыш бурку илимин Алты жыл жатка окуган* («Манас»).

**БУРКУЙ** Бултуюп, таарынган сыяктуу көрүнүштө болуу. *Шекер улам артын карап-карап коюп узап бараткан Расулду буркуя тиктеп, ээрчий басты* (Таштемиров).

**БУРКУЛДА** 1. Оргуп, түрмөктөлө көтөрүлүү, буртулдоо, бурпулдап чыгуу. *Паровоздон буркулдап чыгып жаткан түтүн менен буу асманды боз түстөгү мейкиндикке айландырган* (Абдукаримов). *Кумсарып жайдын күнү чөбү куурап, Алыстан атырылып чаң буркулдап* (Шамшиев). 2. Аябай

ачып, көбүрүп-жабыруу, көбүктөнүү, ашып-ташуу. *Буркулдап ачыган бозо. Агылат алдастанып тентек дайра, Буркулдап ак көбүгү чыгып четтен* (Бөкөнбаев). 3. Бурк-бурк этүү, күүлөнүп-күчөнүү. *Буурасы кирип буркулдап, Кыш чилдеде тиштерин Кычыратып чайнаган* (Үсөнбаев). 4. Жактырбай урушуу, доулануу, албууттануу. *Мен сага оокатсыз калайын деп тийген эмесмин,– деп Бурулча буркулдады* (Байтемиров). 5. Бурп-бурп этип чыгуу, буртулдоо. *Чаң буркулдап турган кез. 6.* Ачуулануу, доуланнуу, албууттануу. *Алымбек буркулдап чыгып кетти* («Ала-Тоо»).

**БУРКУЛДАТ буркулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРКУЛДОО буркулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРКУРА** 1. Бурк-бурк этип көтөрүлүү, буруулдоо, буртулдоо. *Чаң буркурай түштү. Бүгүн эртең менен күн жаап басылгандыктан, Оштун көчөлөрүндө буркурап көтөрүлгөн чаң жок* (Жантөшев). 2. Аңкыган, буруксуган жыт чыгуу, абдан жыттануу. *Арпа менен Ак-Сайдын Абасы таза буркурап* (Тоголок Молдо). *Көңүл ачат жыттасаң, Буркурап жыты алманын* (Осмонкул). *Кымыздын жыты буркурай түштү* (Каимов). 3. Муңканып катуу ыйлоо. *Даша буркурап ыйлагыдай болсо, жанына киши тура албайт* (Сасыкбаев). *Арманын айтты буркурап, Аялы кошо зыркырап* (Калык).

**БУРКУРАК** Жыты аңкыган, буруксуган. *Алманын жыты буркурак.*

**БУРКУРАТ буркура** этишинин аркылуу мамилеси. *Күүлөнгөн күлүк аттар куштай учуп, Атылтып чаңды асманга буркураткан* (Маликов).

**БУРКУРОО буркура** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРЛАК** Эски заманда кемелерди аркан менен суунун агымына карама-каршы багыт боюнча тартып сүйрөөчү жумушчу. *Булчуңдуу бурлактардын чачтарынан Жамгырдай тер куюлган жыбыр-жыбыр* (Токомбаев).

**БУРЛЕСКА** *адаб.* Комикалык поэзиянын бир жанры.

**БУРМА** 1. Бурулушу бар, айланып, имерилип кеткен. *Бурма сууга барганда, Булкулдаган торпогум* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бузукулук, ак ниетте болбогондук. *Бурмасы турат сөзүндө, Бул журтуңдун бузугу турат көзүндө* («Эр Табылды»).

**БУРМА КАРА** 1. Чымчыктын аты. *Бурма кара чымчык бар, Бир жеринде кара жок Бүткөн бою баары май, Семизинде даба жок.* (Каралаев). 2. Бийик тоолордо өсүүчү, дарылыгы бар чөп. *Жайыттарда ат кулак, бурма кара жана ошол өңдөнгөндөр эң көп* (Убукеев).

**БУРМАЛА** Чындыкты, фактыны дал өзүндөй чагылдырбастан, башкача түрдө көрсөтүү же баяндоо. – *Жок, сиз антип бурмалабаңыз* (Байтемиров). *Алдап жесем экен деп, Ар кайсыны айтып бурмалайт* (Осмонкул).

**БУРМАЛАН бурмала** этишинин өздүк мамилеси. *Поэма көп бурмаланып бузулган* («Ала-Тоо»).

**БУРМАЛАТ бурмала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРМАЛОО бурмала** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРМАЛУУ бурмалуу саадак** Буралып коосдолуп жасалган жебелер салынуучу капчык. *Бурмалуу саадак, бугу шым* (Тоголок Молдо).

**БУРОО I** 1. Бурама тетик. *Оң турса да Жеңиш велосипединин буроолорун чыгарып, оңдомуш болуп, кайра бириктирет* («Жаш ленинчи»). *Селбип койгон машинадай сезилет, Алмаштырып эчен эски буроосун* («Жаш ленинчи»). 2. Комуздун кулагы. *Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз, Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз* (Осмонов).

**БУРОО II** 1. **бура II** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРП бурт** менен бирдей. *Жолдун чаңы бурп этти.*

**БУРСА** 18–19-кылымдардагы Россия, Украинадагы жатаканасы бар диний окуу жайы.

**БУРСАК** Бурсада окуган окуучу, студент.

**БУРСАТ** Убакыт, буйдам, мөөнөт, мүмкүнчүлүк. *Курчашып отрядга бурсат бербей Мергендер атып турат теңме-теңдей* (Токомбаев). *Кыялбүбүнү жакадан алып, эч кандай бурсатка келбестен, жаакка коюп-коюп жиберди* (Жантөшев).

**БУРСУГУЙ** Борсогой, буртуйган толук.

**БУРСУЙ** Борсойгон толук кебетеде, буртуйган көрүнүштө болуу.

**БУРТ** Калың чаңды ж.б. көпшөк нерселерди басканда, төккөндө бур этип көтөрүлө бергенин жана жумшак дабышын билдирүүдө колдонулат. *Экөөнүн тышкы олпогу Буласы бурт деп бөлүнүп* («Эр Табылды»). *Кашаң карагер далп-далп желсе, чаң бурт-бурт атылат* (Бейшеналиев). *Семиз жердин саргылт топурагы бурт-бурт ыргытылып турат* (Сыдыкбеков).

**БУРТА** 1. Семиздиктен улам пайда болчу май кабаттары. 2. Уйдун карынынын катталган майлуу жери жана ошол бөлүгү. *Уй деген бир улук мал Ушу сөзгө кулак сал. Бурта байлап семирип, Бурулуп басса демигип* (Тоголок Молдо).

**БУРТА БАЙЛОО** *к.* **курсак байлоо.**

**БУРТУЙ** 1. Бултук-бултук болуп көрүнүү, урчуйгандай болуп чыгып туруу, бултуйган көрүнүштө болуу. *Казы, карталар сүрсүп, тоңгон муздай буртуюп турат* (Элебаев). *Уурттары буртуйган, күлүңдөгөн кызыл ки-*

*ши – үй ээси Салык* (Каимов). 2. Бултуюп таарынуу, мурчуюп унчукпоо. – *Ой, бу эмне буртуят?* (Байтемиров). *Сайра кыйгач карап буртуйду: – Ошолор мага болобу?* (Касымбеков).

**БУРТУЛДА** Бурт-бурт этүү, бурт этип көтөрүлүү. *Жел жүрсө буртулдаган чыгып чаңы Жаткан кез кара Кочкор капчыгайы* (Маликов)

**БУРТУЛДАТ буртулда** этишинин аркылуу мамилеси. *Буртулдатып чылым тартуудан башкага зыяны жок адам* (Жантөшев).

**БУРТУЛДОО буртулда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРТУҢ** Туйтундап таарынган кебетени билдирүүдө колдонулат. *Жөн жооп бербей буртуң-буртуң этүү.*

**БУРТУҢДА** Буртуң этип ачуулангандай мамиле жасоо, тултундоо, мурчундап, таарынычтуу кебетеде болуу. *Мындай эмес элең го! өтө эле буртуңдап калыпсың* («Чалкан»).

**БУРТУҢДОО буртуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРУЙ** Бултуюп чыгып туруу. *Булчуңдары буруйган, Бүтүп калган уюлдан* (Турусбеков). *Мыктынын шилиси күржүйүп, булчуңдары буруят* (Касымбеков).

**БУРУЙТ буруй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРУКСУ** 1. Буркурап жыттануу, күчтүү сезилген жыт. *Жалбыздын жыты буруксуп, Жаныңа жыпар чачкандай* (Бөкөнбаев). *Ууз кымыздын жыты буруксуп, илебине чыга мелтиреөдө* (Сыдыкбеков). 2. Бурулдап чандоо, уюлгуу. *Ого бетер айдадым, Жол буруксуп чаңдады* (Үмөталиев). *Буруксуп түтүн каптагандай көрүндү* (Сыдыкбеков).

**БУРУКСУТ буруксу** этишинин аркылуу мамилеси. *Айтбүбү буруксутуп челек-челек ачкыл ачытты* (Баялинов).

**БУРУКСУУ буруксу** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРУЛ I бур II** этишинин туюк мамилеси. *Дайралардан далай канал таралып, Гүлсүз чөлдү гүлдөтүүгө бурулган* (Калык). 2. Кайрылып кароо же багытын өзгөртүп кайрылуу. – *Ой аттиң ай!.. деп, Шамбет артына бурулуп, көзүн сүрттү* (Сыдыкбеков). *Аңгыча болбой машина колоттуу сайды көздөй бурулду* (Сасыкбаев). 3. Өңү өчүү, башка түргө өтүү, өзгөрүү. *Кызыл жүзү бурулуп, Кыз кубарбас болсочу!* (Токтогул). *Бурулган бузук сөзү бар, Жалаңкычтын өзү бар, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**БУРУЛДА** 1. Бур-бур этүү, уюлгуп жогору көтөрүлүү. *Буудак-буудак түрмөктөлүп Көк түтүнү бурулдап* (Маликов). 2. Буркурап жыттануу, аңкыган жыт келүү. *Кайтадан базар кызып чурулдады, Ашпоздон мантуу жыты бурулдады* (Токомбаев). *Балам, ичкиң келип турабы, Мында бозонун жыты бурулдайт* (Токтогул).

**БУРУЛДАТ бурулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРУЛДОО бурулда** этишинин кыймыл атоочу. *Сергей папиросун илеп тартса, көгүлтүр түтүн бурулдоодо* (Сыдыкбеков).

**БУРУЛМА** Бурулуш, имерилиш. *Бурулма жер.*

**БУРУЛТ бурул** этишинин аркылуу мамилеси. *Артымдан Абдырахман күлүк атчан, Тез жетип тартып өттү бурултпастан* (Үмөталиев).

**БУРУЛУУ бурул** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРУЛУШ** 1. Имерилиш, кайрылыш. *Зоонун чыгыш тарабындагы буйгат бурулуштагы үңкүрдүн оозуна барып токтоду* (Жантөшев). *Маруся менен Акия көчөнүн бурулуш жерине отура кетишти* (Сасыкбаев). 2. Өзгөрүш. *Баласынын бир нерсеге таасирленип, катуу бурулуш жасаганын энеси сезип турду* (Байтемиров). *Кыргыз искусствосунун Москвада болуучу декадасынын алдындагы жогорулаш – элдик маданияттын өнүгүшүндөгү чоң бурулуш эле* (Каимов).

**БУРУТ** *тар.* Калмактар тарабынан кыргыздарга коюлган ат. *Алакандай буруттан Аябай көрдүк кордукту* («Манас»). *Ырысы жок буруттун Канын суудай чачпасак* («Манас» С.О.).

**БУРУУ I** Бөлөкчө, башка, бөтөн. *Тили буруу.* ‖ *Буруу-терүү санабай, Мал көзүнө карабай* («Семетей»).

**БУРУУ II бур II** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРУШ I** Бурулуш, имерилиш, кайрылыш. *Бурушка кире бергенде, Бугудай көзү жалтылдап* («Манас»). *Буруштан атып бугусун, Булардын көргүн жумушун* («Манас»).

**БУРУШ II** Бузук, туура багытта эмес. *Жасаган ишиңдин дурусу кайсы, бурушу кайсы экенин көрсөтүп айтып турган кишинин да болгону жакшы экен* («Кутбилим»). *Анын буруш сөздү көп сүйлөгөн начар адам экендигине эми чындап көзүм жетти* («Чалкан»).

**БУРУШ III** *сейр.* Малга убактылуу салынган эн, белги. *Койго буруш уруу.*

**БУРУШ IV бур II** этишинин кош мамилеси.

**БУРУШ V** Аттын куйругун буруп түйгөн деген мааниде. *Калат аргымак куйругун, Буруш кылган Алгазы* («Эл адабияты»).

**БУРХАН, БУРХУН** Калмактардын сыйынуучу кудайынын сөлөкөтү. *Көрүнө келип сыр урсун, Бурхун урсун ду урсун* («Эл адабияты»).

**БУРЧ** 1. Нерсенин эки жак капталынын

кесилишкен жери, кесилишкен жериндеги кычыгы, булуңу. *Созулуп отур кыз болсоң, Солдойбой жүктүн бурчунда* (Осмонкул). *Бурчта илинген чоң кара ичик* (Жантөшев). *Бурчтары дирдийген опокшош алты ак жаздык жүктүн үстүндө катар тизилген* (Сыдыкбеков). 2. *мат.* Бир чекиттен чыккан эки шоола менен түзүлгөн фигура. *Кең бурч. Тик бурч. Тар бурч.*

**БУРЧАК** 1. Көгөнгө чиркелип, козулардын мойнуна илип байлоо үчүн ылайыкталып жасалган бир жак учу көзөнөктүү, экинчи учу түйүн болуп байланган жип, *Батийна мойнуна көгөндүн бурчагын илип жуманын түнүндө мүрзөгө келди* (Сыдыкбеков). 2. Ушундай жиптин бир жак учундагы көзөнөк, илмекке өткөрүп коё турган томолоктошкон түйүнү. 3. *өт.* Бөлөк-бөлөк ири тамчы. *Үн да чыкпайт, күзгү чөптөй саргарган, Көздүн жашы бурчак-бурчак иргилет* (Токомбаев).

**БУРЧАКТА** Тамчы сыяктанып бөлүнүү, тамчы-тамчы болуп агылуу, төгүлүү. *Капталдан аккан кара кан Жерди көздөй бурчактап* («Манас»). *Кызгылтым боёк аралашкан суу булоолонуп, жылуу тамчылары бурчактайт* (Сасыкбаев). *Жалгы- зымды кучактап, Көзүмдүн жашы бурчактап, Боорума басып сүйөйүн* («Курманбек»).

**БУРЧАКТАТ бурчакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУРЧАКТОО бурчакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУРЧАТ** Терс формада гана колдонулат.

**БУРЧАТПА** Алыска узатпоо, бурсат бербөө буямасын келтирбөө. *Бурчатпай кармадым.* || *Курбулары карагер атты жылоолоп бурчатышпайт* (Жусупов).

**БУРЧАТПАГАН** Алыска узатпаган, буямасын келтирбеген. *Бурчатпаган бугуну бүркүттөрдүн алгыры* (Молдо Кылыч).

**БУРЧТА** Бурч чыгаруу. *Булгаары тердик, ак токум. Бурчтап кылган Каныкей* («Манас»)

**БУРЧТАН** Бурчу чыгып туруу, бурч болуп булунданып туруу, учтанып көрүнүү. *Мунарык болуп бурчтанган, Булуңгур болуп учтанган, Ит-өтпөс деген жер ошол* («Манас»).

**БУРЧТУК** Ар кандай бурчтанган фигураны билдирүүчү форма. *Төрт бурчтук. Үч бурчтук. Тик бурчтук.*

**БУРЧТУУ** Бурчу чыгып турган, бурчу бар, бурчтанган. *Чатырдай болуп төрт бурчтуу Чатыр-Көлдүн турушу* (Маликов).

**БУРЧУК** Уркуюп чыгып турган жер, борчук. *Боз бурчукта кыя жер* («Сейтек»).

**БУРЯТТАР** *ж.с.* бурят. Бурят республикасынын негизги эли.

**БУСТАН** Бак, бакча, огород.

**БУСТИЛАТ** Ремонттоого ыйлайыкталган универсалдуу клей.

**БУСУРМАН** 1. Ислам дининдеги адам, ислам динин туткан адам. 2. *өт.* Жарыктык ай! Коюңузчу! деген маанидеги сырдык сөз. *Ой бусурман десе, көрмөксөн болуп койбойсузбу* (Абдыраманов).

**БУТ I** 1. Адамдардын, айбандардын, канаттуулардын, ар кандай жан-жаныбарлардын басып жүрүүгө, илгерилеп жылууга, конуп отурууга ылайыкталган мүчөсү. *Майчынын аты Мааданбек Сол бутунан сылтыган* (Осмонов). *Басса-турса малдын буту чөптү тепсей жүрөт* (Убукеев). 2. Ар кандай эмеректердин, столдун жана башка нерселердин жерге тийип, таяныч болуп турган атайын бөлүгү. *Энекем, ак тактанын буту элең, Ак сарай үйдүн куту элең* (Тоголок Молдо).

**БУТ III** Сыйынуу, табынуу үчүн жасалган кудайдын сөлөкөтү. *Кол башындай алтын бут Койнунан алып сыйынып* («Семетей»). *Падышасы Дүбүр кан Барган экен бутуна* («Манас»).

**БУТ IV** *туурасы:* **пуд.**

**БУТ ЖЕ АЯК ШИЛТӨӨ** Басуу, жүрүү, адымдоо. *Сары кашка кабыргасын кабырылтып, көңүлсүз аяк шилтеп келе жатат* (Каимов).

**БУТ СЕРППӨӨ** 1. Мүрт кетүү, тез жаны чыгуу. *Бут серпкенге алы келбей жаны чыкты.* 2. Эч кыймылсыз, сулк жатып калуу. *Такай атка минип жүрбөгөн Суусар өлөрчө чарчаган экен, таң аткыча бут серппей уктады* (Бердикеев). *Кээде үйүнө келип бут серппей жыгылар эле* (Ашымбаев).

**БУТ ТОСУУ** Бирөөгө кыянаттык кылуу, жолтоо болуу, жолун тороо, тоскоолдук кылуу. *Ал турмушта бут тосуп жүрүүчү Арзыкулга окшогон кээ бир кишилерге баш ийгендигин белгилеп кетти* (Байтемиров). *Ичибизде душман бар, ал биздин ураанга жамынып, кыябы келген жерден бут тосуп жатат* (Ашымбаев). *Кандай максат менен аларга бут тосуп мүдүрүлткүсү келет?* (Жантөшев). *Мен сенин көңүлүңдү албай жүргөм, бут тоспоюн деп* (Абылкасымова).

**БУТА I** Майда бадал. *Канаттуу кайкып уча албай, бутага барып корголойт* (Токомбаев). *Бутага барып конордо Торгойду көрдү шыбактан* (Бөкөнбаев).

**БУТА II** Атып машыгуу үчүн атайын коюлган нерсе. *Куру дүрмөт ок менен, Бута коюп аттырып* («Сейтек»). *Башыңы кат душманга бута болуп бербей, – деди Коля* (Жапаров).

**БУТА III** *эск.* Баалуу кездеме, же ошондон тигилген кийим. *Булгун, бута кийими, Көөкөрдөй эки ийини* («Эл адабияты»). *Буулум бута, үчтөнү – Булдан арбын алыңар* («Манас»).

**БУТА IV** Бак-дарактардын бутактарын сейректетип кесүү, кыркуу, бутактарын

алуу.

**БУТА АТЫМ** Бута коюлган жерге чейинки аралык, жаанын огу жетерлик аралык. *Малакайын баса кийип, Ашыр бир бута атым алда бара жатты* (Сасыкбаев). *Бута атымдай жерге келгенде таанydык* («Ала-Тоо»). *Үйдөн бута атымдай алыс жерде жээгине жашаң чыккан булактуу башат (*«Ала-Тоо»).

**БУТАГА ТИЙГЕНДЕЙ** Өтө так, таамай, жеткире. *Ал бутага тийгендей сүйлөйт.*

**БУТАК** 1. Өсүмдүктөрдүн өзөгүнө жабыша чыккан тарамдары, шагы, *Бутагы көк, бири сынса, бири чыгат, Былк этпей, качан көрсөң, чынар турат* (Үмөталиев). *Жаш бутактын ийилгени – сынганы, жаш жигиттин уялганы – өлгөнү* (макал). 2. *өт.* Бир өзөктөн таралып чыккан тукум, жакын тууган. *Элим ошол чоң түп чынар, мен – бир бутак, Мен өлсөм, элим тирүү, атымды угат* (Үмөталиев). 3. *өт.* Кандайдыр бир таяныч, тармак, жөлөк. *Айланайын балдарым, канат-бутактарым, өмүрлүү болсоңор экен* («Эркин Тоо»).

**БУТАКАНА** Табына турган үй, ибадат кыла турган үй. *Бутаканага чогулуп, Кытай, манжу барысы Калган экен чогулуп* («Манас»).

**БУТАКТА** 1. Бутак алып көбөйүү. *Жаз менен кошо тал-теректер бутактап, көгөрө баштайт.* 2. *өт.* Таралып көбөйүү, тармактануу, улануу. *Сөздөн сөз чыгып, бутактай баштады* (Жантөшев).

**БУТАКТАЛ бутакта** этишинин туюк мамилеси. *Деген сөз кыргыз бүткөн айылдарда Айтылат бутакталып эчен-эчен* (Маликов).

**БУТАКТАН бутакта** этишинин өздүк мамилеси. *Буту-колу төөнүкүндөй тартайган, Мүйүздөрү бутактанып аркайган* (Осмонкул).

**БУТАКТАТ бутакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Күндүн чубагына чекелерин кактап, сөздөн сөз чыгарышып, бутактата баштады* (Жантөшев).

**БУТАКТОО бутакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУТАКТУУ** 1. Бутагы бар, бутагы жыш, бутагы калың. *Табылды менен Зарыл олтургузган алма жыгачы шактуу, бутактуу* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Көп тармактуу, тарам-тарам.

**БУТАТ бута** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУТАФОРИЯ** Театрдын сахасына коюлган зат, нерсе, буюмдардын жасалма көчүрмөлөрү.

**БУТАШ бута** этишинин кош мамилеси.

**БУТЕРБРОД** Каймак же май сүйкөлүп, үстүнө сыр же колбаса коюлган тилим нан.

**БУТКАНА** Буддистердин кудайына – бутка сыйына турган жайы. *Кудайым деп куркулдап, Бутканага барыптыр* («Манас»). *Жүз миң адам чогулуп, Бутканага чокунду* («Манас»). *Жоокер уйсундардын мырзаларына бажыраңдай сүйлөп, шаардын көрктүү жайларын, бутканаларды, дарбазаларды, чептерди көрсөттү* (Субанбеков). **к. бутакана.**

**БУТКУЛ** Ой-чуңкурлуу, тегиз эмес жер, быткыл. *Кырбудан кулан куудуруп, Бүткүлдагы бугуну койбой кармап жыйдырып* («Сейтек»).

**БУТКУЛДУУ** Тегиз эмес, ой-чункурдуу, быткыл-сыткылы көп. *Буткулдуу тоонун сеңирге Мылтык атып, жаа тартып, Аң уулаган жеринде* («Сейтек»).

**БУТОО бута** этишинин кыймыл атоочу.

**БУТПАРАС** Бутка сыйынуучу, табынуучу. *Бу буркан – бутпарастардын кудайы.* (Касымбеков).

**БУТПАРАСТЫК** Бутка сыйынып табынуучулук.

**БУТСЫ** Таманы быдырлуу, жеңил спорттук бут кийим.

**БУТТА I** 1. Унаага мингүгө буттап алып көтөрүп жардамдашуу. *Атка буттап мингизүү.* 2. Буттан байлоо, тушоо. *Үч буттап тушап, коё берүү.*

**БУТТА II** *туурасы:* **пудда.**

**БУТТАЛ бутта I** этишинин туюк мамилеси. *Үч батталган аттар ар жерде топтоп болуп жайылып жүрөт* (Жантөшев).

**БУТТАШ I** Оошуп кетүү, алмашып, колдон-колго өтүү. *Силер тарапка Айдарбек датка дегендин күлүгү бутташып барганын биле албадыңбы?* (Жантөшев). *Атымды өзгөртүп, Алай тараптан бутташып келген бир мергенчи болуп жүрөм* (Жантөшев),

**БУТТАШ II бутта I** этишинин кош мамилеси. *Атына минсин деп тезирээк бутташып жиберди.*

**БУТТАШТЫР бутташ I** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУТТУН КЕТМЕНИ** Буттун башы (жалпак жана жазы келген бөлүгү). *Түгөл сол бутунун кетменин көрсөтпөй кокуйлай баштады* (Бейшеналиев).

**БУТУ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** *же* **БУТУ БУТУНА ТИЙБӨӨ** Тызылдап тез жүрүү, ылдам жүгүрүү, жеңил да, тез да, элпек да кыймыл-аракетте болуу. *Сенин ал-жайыңды угуп, буту жерге тийбей, бир күлүп, бир ыйлап, эмне кыларын билбей калды* (Абукаримов). *Буту-бутуна тийбей аттарына карай жүгүрүштү* (Жантөшев).

**БУТУ КҮЙГӨН ТООКТОЙ** Бүжүрөп баса албай калган көрүнүшкө карата колдонулат.

**БУТУ МЕНЕН БАСЫП, МУРДУ МЕНЕН ТЫНГАНДАР** Жаман-жакшы дебестен дегеле киши аттуунун баары, бүт бардыгы. *Кыштак элинин буту менен басып, мурду менен тынгандары толуп келишти* («Чалкан»). *Буту менен басып, мурду ме-*

*нен тыңгандын баары мылтык атып, жаа тартып, ак маралдын артынан сая кубат* (Айтматов). *Жайдын толугунда буту менен басып, мурду менен тынган кыргыз дабанды ашып, төр жайлоого көчүшөт* (Бейшеналиев).

**БУТУ ҮЗҮЛГӨНЧӨ ЧУРКОО** Аябай катуу жүгүрүү, өтө ыкчам, тез жүгүрүү, өлөр-тирилерине карабай чымын-куюн болуу. *Эч жакты карабай буту үзүлгөнчө чуркап бара жатты* («Ала-Тоо»). *Солдат буту үзүлгөнчө чуркаган бойдон кетти* (Жантөшев).

**БУТУ-БУТУНА ТИЙБӨӨ** Тыным албоо, жаны жай албай өтө тез, ыкчам кыймылдоо, жеңил, элпек кыймыл-аракетте болуу. *Кристина буту-бутуна тийбей, улам кудуктан суу ташып келип жатты* (Ашымбаев). *Кечээ эле мырза жигит келгенде желдей сызып, буту-бутуна тийбей жүрбөдү беле?* (Укаев). **В.: Буту жерге тийбөө.** *Сенин ал-жайыңды угуп, буту жерге тийбей, бир күлүп, бир ыйлап, эмне кыларын билбей калды* (Абдукаимов). *Үйдүн ээси буту жерге тийбей чуркап, инисинин жолдоштору менен келгенине аябай кубанды* (Абдукаримов). Буту-колу жерге тийбөө. *Айбадактын буту-колун жерге тийгизбей чакыра турган адамдарына чуркатты* (Жантөшев). *Башка кишилер да дем алып, тынып чыкса, мунун буту-колу жерге тийбейт* (Укаев).

**БУТУ-КОЛУ УЗАРУУ** к. Колу узаруу.

**БУТУН БУТ, КОЛУН КОЛ КЫЛУУ** 1. Бөлөк-бөлөк кылып майдалоо, майда бөлүктөргө бөлүү, ажыратуу. *Жамгыр козунун колун кол, бутун бут, санын сан кылып бүттү* (Касымбеков). 2. Катуу жазалоо, тымтыракайын чыгаруу. *Эми түшсө- нөр соо калбайсыңар! Бутуңарды бут, колуңарды кол кыламын!* (Үмөталиев).

**БУТУН ЖАЛОО** Бирөөгө көшөкөрлөнүү, жагынуу. *Менин атам окумуштуу, сеникине окшоп мансапкор эмес, бирөөлөрдүн бутун жалабайт* (Борбиев).

**БУТУН ТАРТА АЛБОО** Аябай чарчоо, суй жыгылуу, шайманы кетүү. *Байкуш апам, кечке жаны төрт чарчы болуп жүрүп, кечинде бутун тарта албай калат* («Ленинчил жаш»).

**БУТУНА ЖЕМ ТҮШҮҮ** 1. Көбүнчө таптоодо турган күлүктүн кандайдыр табынан бузулуп, аксап калышына карата айтылат. *Оң бутум бутуна жем түшкөн аттын бутундай дапдырактаганын байкаган чыгарсың* (КОС). 2. *өт.* Жаңылышуу, жолунан адашуу. *Жем түшүп кетип бутума желбей да калдым бир топ жыл* (Сарногоев).

**БУТУНА ЖЫГЫЛУУ** Жалынып-жалбарып кечирим суроо, кечирип кой деп өтүнүү. *Иштин акыйкатына көзү жеткен Муса Саадаттын бутуна жыгылып, кечирим сурады* (Бердикеев). *Эми тиги берендин бутуна жыгыл, кечке ыйлап* (Осмоналиев). *Ал кезде баары менин бутума жыгылып турушчу* (Бердикеев).

**БУТУНА ТУРА АЛБОО** Өзүн кармай албай теңселип туруу, аябай мас, ылжыган абалда болуу. *Ылжыраган ит! Бутуна тура албай ыктытып турганын кара!* («Ала-Тоо»).

**БУТУНА ТУРГУЗУУ** Чоңойтуп, өстүрүп, өз алдынча жашай ала тургандай абалга жеткизүү, эл катарына кошуу. *Атаганат, уулумду бутуна тургузуп койсом, арманым болбос эле* (Саатов).

**БУТУНА ТУРУУ** Өз алдынча оокат, тиричилик өткөрүү, өзүнчө жашоо мүмкүнчүлүгүнө жетишүү, турмуш-шарты оңолуу. *Менден улуу эжелерим, агаларым жогорку окуу жайларын бүтүшүп, бутуна туруп, өз орундарын таап кетишти* («Ленинчил жаш»). *Жаркымбайдын турмушу оңолду, бутуна турду* (Бейшеналиев).

**БУТЫЛКА** Моюн жагы ичкерээк келип, суюк нерсе куюу үчүн арналып айнектен жасалган идиш, шише. *Бир бутылка сүт. Эки бутылка пиво.*

**БУУ I** Суудан же составында суу бар башка суюктуктан, нымдуу заттардан кайнап ысууда же суукта муздаганда пайда болуучу боз түстөгү газ сымалдуу зат. *Казандын буусу. Атынын мурдунан чыккан буу кол ыштыктын түтүнүндөй буркурайт* (Убукеев). *А десе ооздон буу буркураган ызгаардуу суук* (Жантөшев). 2. *өт.* Катуу нерсенин үстүн сырдоо үчүн колдонулуучу металлдын эритмеси. *Ооздуктун суулугу жездин буусуна кармалган* (Сыдыкбеков).

**БУУ II** 1. Кап, баштык сыяктуу идиштердин оозун бүйрө байлоо, куушура байлоо. *Чымчып бууган, чаначты кармап, абышка эл ортосунда* (Сыдыкбеков). ‖ Капшыра байлоо, орой таңуу. *Ак тасма менен оролтуп, Кулакты бекем бууңуз* («Эр Төштүк»). *Жибек жоолук үлпүнчөк Башын бекем бууду эми* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Тосуу, өткөрбөй бекитип коюу. *Эми алдыбыздан бууган жок, Артыбыздан кууган жок* («Мендирман»). *Нарынды бууп коюуга кимдин дабаасы жетмек* (Сасыкбаев).

**БУУ КАЗАНЫ** Сууну кайнатып, буу чыгарып алына турган атайын түзүлүштөгү казан.

**БУУГУЗ буу II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУУГУЧ** Бууп байлоо үчүн керектелүүчү жип же башка нерсе. *Ал бут үстүндө жаткан чаначтын буугучун жай гана чечти* (Абдукаримов).

**БУУДАЙ** Данынан ун тартылып, нан жасалуучу дан өсүмдүгү. *Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл тартып, саргая баштаган* (Сыдык-

беков). *Жери асыл, ар жыл сайын түшүмдүү жыл, Түз-ою, текши буудай баары бир кыл* (Осмонкул). ‖ Ушул өсүмдүктүн даны. *Буудайдын барар жери – тегирмен* (макал). *Ак буудайы жууп койгон күрүчтөй* (Маликов).

**БУУДАЙ ЖҮЗДҮҮ** Ак жуумал, аксаргыл. *Көпчүлүккө Момун чал деп таанылган буудай жүздүү чал менен аш бышым убакыттан бери бир өмүрдүн баш аягын иликтейбиз* («Ленинчил жаш»). *Жээрде мурут, ничке каш, буудай жүздүү ...датка тактысынан түштү* (Осмоналиев). **В.: Буудай өңдүү.** *Буудай өңдүү, кер мурут* (фольк.).

**БУУДАЙЫК I** Жомоктордо учуроочу эң кыраан, алгыр, жырткыч куш. *Кармаганың куткарбас Куштун шери буудайык* (Тоголок Молдо). *Буудайык торго түшсө да, Бурулуп тапка келчү эмес* (Бөкөнбаев).

**БУУДАЙЫК II** Буудайга окшогон чөп, буудай баштанган жапайы чөп.

**БУУДАК** Түрмөк-түрмөк болуп оргуган чанды, түтүндү ж.б. билдирүүдө колдонулат. *Буудак-буудак түрмөктөлүп, Көк түтүнү бурулдап* (Маликов).

**БУУДАКТА** Буудак-буудак болуп уюлгуу, түрмөктөлүү. *Түтүн буудактап уюлгуйт.*

**БУУДАКТАТ буудакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Буудактатып паровоз түтүн чачып, Кара жерди дүбүртү солкулдатып* (Бөкөнбаев).

**БУУДАКТОО буудакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУДАН** 1. Чаалыкпас күлүк ат, чарчабаган тулпар. *Астындагы мингени Көбөш кандын Көкборчук, Ал Көкборчук буудангa Олбуй-солбуй камчы уруп* («Сейтек»). *Аргымакты жаман деп, Бууданды кайдан табасың?* (Токтогул). 2. *өт.* Эпостун каржалбас баатырларынын эпитеттеринин бири. *Кас буудандын баарына, Камчы салып жебелеп.* («Манас» С.О.). *Буудан Бакай абаңа, Бу мүшкүлдү тарттырып* («Сейтек»). *Муну айтып кетейин Бууданым чунак, угуп ал* («Манас»).

**БУУДАНДЫК** 1. Чаалыгып-чарчабастык, арыбастык. *Бугудай мойнун бурду эле, Буудандыгы ушундай* («Эр Төштүк»). *Сур булут менен тең жүргөн, Буудандыгын билгизбей* («Кыргыз фольклору»). 2. *өт.* Эр азаматтык, кайраттуулук, чыдамдуулук.

**БУУДУР буу II** этишинин туюк мамилеси. *Замзам суу менен жуудуруп, Башаягын ырымдап, Сарпайы менен буудуруп* («Манас).

**БУУЛ** 1. **буу II** этишинин туюк мамилеси. *Буулуп колу байланып, Мусапыр болуп айдалып* (Калык). 2. *өт.* Кысылуу, кысылып чыкпоо. *Какыйнанын жүрөгү болк этип, тамагына барып такалып калгандай деми буула түштү* (Абдумомунов). *Акматты үнүнөн тааный койгон Мамана-*

*зар алкымы буулуп, кырылдаган үнү менен паролун зорго айтты* (Жантөшев)

**БУУЛА** 1. Бууга алуу. *Ооруган бутун сууга буулады.* 2. Металлдын буусуна кармоо, металл эритиндисин жалатуу. *Алтынга буулаган жаңгактай жылаажын коңгуроону салмак менен шылдыраткан Кузьмич ата керебеттин жанында туруптур* (Сыдыкбеков).

**БУУЛАМА** Эт, түрп, капуста, пияз кошулган буулап бышырылган салат түрү.

**БУУЛАН буула** этишинин өздүк мамилеси. *Жамгыр кайра көккө кетти үстүбүздөн бууланып* (Токомбаев).

**БУУЛАНТМА** Бир жай үрөн себилбей, күзгү айдоого даярдалган жер. *Совхоздун талааларында ар жылы буулантма айдалат* («Советтик Кыргызстан»).

**БУУЛАТ буула** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУУЛОО буула** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУЛУГУУ буулук** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУЛУК** 1. Абдан зеригүү, бук болуу. *Буулугуп жүргөн балдарга, Булбулдай ырын баштады* (Бөкөнбаев). *Далай жылдан бери буулукканы эми жазылды белем* (Байтемиров). 2. Буулуу, кысылуу, ичтегисин чыгарууга даяр туруу. *Карыптын каңырыгы түтөп, бир азга буулугуп турду* (Жантөшев). *Андрейдин үй-бүлөсүнө жеткенде Мусабек сөзүн жутуп, буулугуп калды* (Сасыкбаев).

**БУУЛУКТУР буулук** этишинин аркылуу мамилеси. *Ушул ой эр Касымды буулуктуруп, Бышактап көзү шишип ыйлап алган* (Токобаев).

**БУУЛУМ** Баалуу, калың кездеменин бир түрү, же ошол кездемеден тигилген кийим *Бууруддy берчи минейин, Буулумду берчи киейин. Доолон, чүчтө, буулум бар. Ичин суусар ичтетип, Тышын буулум тыштатып* («Манас»). *Буулумду кийип кирдеткен, Бууруддy минип тердеткен* (Токтогул).

**БУУЛУУ** Буусу бар, буу чыгып турган. *Кайнак суулуу, ысык буулуу боёо цехи ушул* (Сасыкбаев).

**БУУМ** Кап, мешок сыяктуу идиштердин ичине толтура салынып буулгандагы көлөмүнө барабар чен. *Эки буум ун. Бир буум талкан.*

**БУУМА** Оозу байланган, буум. *Чымчып буума мешок. Шалкы буума кап. Жонунан ылдый жылбышып бара жаткан буума капты ыргытып жиберемби деген ой кетет* (Айтматов).

**БУУМАЛА** Буума кылып байлоо. *Буумалап байланган каптар.*

**БУУМАЛОО буумала** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУН I** *диал.* Муун. *Кемпирдин бууну калбаса керек, нанды оозуна жеткиргиче,*

*корккон кишиникинен бетер титирей түшөт* (Касымбеков).

**БУУН II буу II** этишинин өздүк мамилеси. *Бурма белдемчи тартынып, башын ак жоолук менен кайра тарта буунган* (Каимов).

**БУУРА** Төөнүн тукумдатуучу эркеги. Кирген буурадай. ‖ *Буурасы кирип буркулдап, Кыш чилдеде тиштерин Кычыратып кайраган* (Үмөталиев).

**БУУРА САН** Булчундуу, чоң, жоон сан. *Жолой жайын сурасаң, Бука моюн, буура сан, Булкушканды кууратккан* («Эр Төштүк»).

**БУУРАКАН** 1. Катуу алай-дүлөй. *Турнанын тунук көл Бууракан шамал урду дейт* («Семетей»). 2. Буркан-шаркан түшкөн, жинденген ачуу. *Бир топтон кийин барып, бууpаканым жазылды* (Даникеев).

**БУУРАКАНДА** 1. Ташкындоо, ашып-ташуу, алай-дүлөй болуу. *Бууракандап таштан-ташка урунуп көбүктөп Терек-Суу агат* (Жантөшев). *Удургуп бороон соксо буураkандап* (Токтомушев). 2. Ачуусу келип буркан-шаркан түшүү, албууттануу. *Деп Жоошбай камчы менен жер сабап, Буураkандап, болуш-бийди чакырды* (Маликов).

**БУУРАКАНДАН буураканда** этишинин өздүк мамилеси. *Көл бетинен үйдөй толкундар көтөрүлүп, алдас уруп аңтарылып буураканданат* («Советтик Кыргызстан»).

**БУУРАКАНДОО буураканда** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУРЖУМ** Чыбыр ала.

**БУУРЖУН** Беш жашка чейинки буура, буура болууга жетилип калган төөнүн эркеги.

**БУУРКАН** 1. Кыргыздын шамандык ишениминде суунун ээси. Бул ишеним боюнча суунун, дарыянын башын бура кайтарып, ал кыймылдап козголгондо суу кирет имиш. *Суу атасы Бууракан* («Семетей» С.К.). 2. Буураkандоо. *Буурканып тоо шамалы ышкырганда, Асманга чапчыйт Соң-Көл ашып-ташып* (Маликов). 3. Буркан-шаркан түшүү. *Буурканып, сурданып, Алмамбет жүрсүн жол менен* («Манас»).

**БУУРКАНДА буураканда** менен бирдей. *Бууркандап серпилип, Бурулуп тоого урунган* (Тоголок Молдо).

**БУУРКАНТ бууркан** этишинин аркылуу мамилеси. *Башкалардын баары сенин кулуң деп, Бууркантып, буулуктуруп, кайрадан* (Маликов).

**БУУРСУН** Жер айдоо үчүн колдонулуучу эң жөнөкөй эмгек куралы. *Далбайдан эки өгүзгө кошулган эски буурсун, үрөн жана жер алып, эгин эгүүгө киришти* (Жантөшев). *Жетелеп буурсун башын бара жатса, Шорголойт баштан төмөн кара баткак* (Абдыраманов).

**БУУРУГУУ I** *аңч.* Куш, бүркүт көпкө салынбай туруп, агытууну самап жулунуусу.

**БУУРУГУУ II буурук** этишинин кыймыл атоочу.

**БУУРУК** 1. Ачуусу келүү, албууттанып күүлөнүп-күчөнүү. *Бузулган элден кеп угуп, Буурүгуп кетти Темиркан* («Манас»). *Карышкыр сыны туташып, бууруккан түрү менен ар койду бирден булкуп өлтүрүп кете берет* (Жантөшев). 2. Бук болуу, буулугуу, кусадар болуу. *Бууруксак – бугу аталык. Буулукпасак – жаталык* («Эр Табылды»). *Куршукканың жазылсын, Бууркканың басылсын* («Манас»).

**БУУРУКМА** Буулукма, буулугуп тынчтана албаган абал. *Буурукмасы кармоо.*

**БУУРУКТУР буурук** этишинин аркылуу мамилеси.

**БУУРУЛ** Сур, боз, көк ж. б. түстөр аралашмасынан турган өң, түс. *Буурул ат. Буурул жорго.* ‖ *Бура тарткан кыл аркан Буурул аттын кермеси* (Токтогул). ‖ Ак кире баштаган сакал, мурут, чачтын түсү. *Буурул болсом мейличи, Буралган жашты жоктодум* (Токтогул). *Буурул чач, бетин бырыш каптаган Алима эже эмнегедир ойлонуп кетти* (Абдукаримов).

**БУУРУЛДА** Буурул тартуу. *Кетмен-Төбөнүн аскалуу чокулары тез эле буурулдап тунара баштады* (Токомбаев).

**БУУРУЛЖУН бууржун** менен бирдей.

**БУУРУСУН** *туурасы:* **буурсун.**

**БУУРЧАК I бурчак** менен бирдей. *Бирок ал көгөндүн буурчагынан чыга албай жулунат* (Жантөшев).

**БУУРЧАК II** 1. Чанактуу өсүмдүктөрдүн тобуна кирүүчү талаа жана огород өсүмдүгү. *Буурчак айдалган жер. 2.* Ушул өсүмдүктүн тоголок келген даны. *Туз – буурчак жумшап калган кезде салынат* («Кыргызстан аялдары»).

**БУУРЧАКТА бурчакта** менен бирдей. *Татыбектин көз жаштары буурчактап кулап жатат* (Байтемиров).

**БУУШ буу II** этишинин кош мамилеси.

**БУФЕР** 1. Вагондорду катуу кагылышуудан сактоочу пружиналуу тегерек темирлер. 2. *өт.* Кагылышуудан сактоо үчүн эки нерсенин ортосуна коюлган нерсе.

**БУФЕТ** 1. Идиш-аяк, жеңил тамак-аш, суусундук ж.б. сактай турган шкаф. *Буфеттин эки бурчунда пингвин сүрөтүндөгү вино куюучу фарфор идиш* (Шимеев). 2. Мекемелерде, ашканаларда, ресторандарда ж.б. жеңил тамак-аш; суусундук ичимдик, көбүнчө муздак тамак-аш сатылуучу чаканыраак жай.

**БУФЕТЧИ** Буфеттеги сатуучу, буфеттин сатуучусу.

**БУФФОНАДА** Тамаша, комедиялык негиздеги актердук ыкма же сценалык көрүнүш, мында катышуучу каармандын тышкы белгилери ашкере апыртылат, осол ко-

мизм менен шылдыңга алынат.

**БУХГАЛТЕР** Бухгалтериялык иштер боюнча адис, бухгалтериялык иштерди жүргүзүүчү адам.

**БУХГАЛТЕРИЯ** 1. Эсеп-кысап иштеринин теориясы жана практикасы. 2. Ишкананын, мекеменин эсеп-кысап ишин жүргүзүүчү бөлүмү.

**БУХГАЛТЕРИЯЛЫК** **бухгалтер, бухгалтерия** дегенге таандык. *Бухгалтериялык иштер.*

**БУХТА** Көлдө, деңизде пароход токтоочу булуң.

**БУЧКАГЫНА ТЕҢ КЕЛБӨӨ** *к.* **бүрчүгүнө тең келбөө.**

**БУЧКАГЫНА ТЕҢЕБӨӨ** 1. Киши ордуна көрбөө, теңсинбөө, тоготпогондук. *Аларды апамдын бучкагына теңебеймин* («Советтик Кыргызстан»). *Менин айткан сөзүмө болбой койгон кенебей, Боздоп айткан кебимди Бучкагына теңебей* («Сейтек»). 2. *өт.* Эр жүрөктүк. *Ошону бучкагына теңебей.* («Семетей» С.К.). *Күлчоро айткандардын баарысын Бучкагына теңебейт* («Сейтек»). *Көкдөөнүн жети мөрөйүн Бучкагына теңебе, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Зың-зың этип кенебей, Алышар баатыр Коңурду, Бучкагына теңебей* («Манас»).

**БУЧКАК** 1. Буттун шыйрак жагы. *Астындагы кула атка Бучкакка камчы салганы* («Манас»). ‖ Теринин, булгаарынын шыйрак жаккы бөлүктөрү. *Салкынай бучкак ичикти жамынып үйдөн чыга берди* (Сыдыкбеков). *Кулу калпанын үстүндө түлкүнүн бучкагынан курап, көк ноотудан тыштап жасалган ичик* (Жантөшев). 2. Кийимдин этек жагы, учу. *Кементайдын бучкак- тарынан сарыккан жаандын суусу тамчылап турат* (Байтемиров). 3. Бурч, булуң, чет тарап, четки бөлүк. *Сулуктү ошол туулуп-өскөн жеримдин бир бучкагы* (Сасыкбаев).

**БУЧКАКТА** 1. Бучкагынан кармоо, бучкактан алуу. 2. Артынан такымдап, жетүүгө аз калып келүү. 3. *өт.* Тап жылдырбоо, бура бастырбоо. *Карачы, бучкактап бура бастырбай турганын* (Бейшеналиев).

**БУЧКАКТОО** **бучкакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЧУГУЙ** Быйпыйып кетирекейинен келген, бучуйган. *Бучугуй мурун кыз.*

**БУЧУЙ** Быйпыйып, кетирекей тартып көрүнүү. *Мурду бучуюп быйпык.*

**БУЧУК** 1. Мурду бузулган. *Куйөөсүнүн бучук экенин билген соң Чынар эжем боорун жерден албай ыйлай берди* (Сыдыкбеков). 2. Быйпыйып, мурду кетирекей, бучугуй. *Бүкөнтай бучук мурун үч жашар кыз* (Осмонов).

**БУШАЙМАН** Ич күптү болгон кайгы-капа, ичке катылган санаа, бук. *Ушул чыканактай кызды а деп кызматка алганда, иштей албай кетип калат го деп, бушайман болгом* («Кыргызстан аялдары»).

**БУШАЙМАНДУУ** Бушайман болгон, санаа тарткан, ичинен капалуу, тынчсыздanган. *Бушаймандуу адамча чеке терилерин бырыштырып терең улутунуп койду* (Жантөшев).

**БУШАЙМАНДЫК** Бушайман болгондук, кабатырлангандык, капа тарткандык. *Чакебай, бушаймандык жаман экен* («Чалкан»).

**БУШЛАТ** Ичине кебез салынган жылуу кышкы кийим, куртка, күрмө.

**БУШМАН** 1. **бушайман** менен бирдей. 2. Кайгы, капа, өкүнүч, санаа. *Көңүлдө далай бушман бар, Бизди көмгөнү турган душман бар* («Сейтек»). *Өлүмдөн бөлөк бушман жок* («Манас» С.О.). *Анығына жеткенде, Ичимде калды бушманым* («Эл адабияты»).

**БУЮГУУ** **буюк** этишинин кыймыл атоочу.

**БУЮК** Бурганакта, бороон-чапкында, катуу суукта адашуу, үшүү, жол таба албай калуу, бет алды кете берүү. *Кичи-Сайга койлор буюгуп келишкен* (Сыдыкбеков). *Буюкканга жылдыз – от* (макал). *Буюгуп муздап жүргөндө, Муңдашар киши жок болду* («Эр Табылды»). *Буюккан малдар удургуп, Жөөлөшө качып жөнөштү* (Токомбаев).

**БУЮКТУР** **буюк** этишинин аркылуу мамилеси. *Куштарды түнөгүнө жибербестен, Кырчылдап кышкы чилде буюктурду* (Токомбаев).

**БУЮМ** 1. Тиричиликке колдонулуучу ар кандай нерсе, мүлк, эмерек. *Устасы жакшы келишсе, Сынган буюм оңдолот* (Осмонкул). *Касиет өгөө буюмду Атакем берди, мен алдым* («Эр Төштүк»). 2. Кандайдыр бир нерсенин анчалык мааниси жок экендигин же иштелүүчү иштин өтө оңой, жеңил экендигин билдирүүдө колдонулат. *Бирөө эмес, миңи айтса да, ал үчүн буюм эместей* (Байтемиров).

**БУЮМ-ТАЙЫМ** Ар кандай буюмдарга карата жалпылап айтуу иретинде колдонулат. *Буюм-тайым бар беле? – деди карыган аял* (Убукеев).

**БУЮМ-ТЕРИМ** **буюм-тайым** менен бирдей. *Буюм-териминерди алып, ушу жерге так саат жетиде даяр болгула* (Таштемиров).

**БУЮМДАТА** Акчалай эмес, буюм менен *Буюмдата берүү.*

**БУЮР** 1. Бир нерсени иштөөгө буйрук берүү, аткарылышын көрсөткөн же талап кылган сөз айтуу. *Азыр алган жашырын циркулярга ылайык, Тихонов, сизге төмөнкүлөрдү буюрамын* (Жантөшев). *Токто, мен сени чакыр деп буюрганым жок* (Жантөшев). 2. Насибине, энчисине туура келүү. *Мага буюр деп турам. Туулган жеримден туз даам буюрса, кайрылып келермин* (Сыдыкбеков). *Буюрбаган ашка мурун канайт*

(макал).

**БУЮРТМА** Буйрук кылынган көрсөтмө, тапшырма. *Бул саясий буюртма экендиги бештен белгилүү болду* («Агым»).

**БУЯК** Бул жак. *Буяк жагын карасаң Үч-Кошойдун бөксөсү* («Манас»).

**БУЯМА** Чама, мүмкүндүк. *Ширеңке чагууга Каныбектин буямасын келтирбей, үчөө үч жактан кучактап калышты* (Жантөшев).

**БУЯМАСЫ КЕЛБӨӨ** Бир нерсеге жетише албоо, үлгүрө албоо, чаркы жетпөө, мүмкүнчүлүгү болбоо. *Мындай кырсыктуу мүнөттө анын бул кылыгын тескешке буямасы келмек кайда* (Ашымбаев). *Ашырбек үн чыккан жакка карап, алардын ким экенин билишке буямасы келбеди* («Ала-Тоо»).

**БҮБҮ** Эмчи-домчулук кылган аял. Кээде көзү ачыктык жайы, чымыны, жини бар катары да түшүнүлөт. Көп белгилери боюнча бакшыга (к. бакшы) окшош. *Бакшы менен бүбүдөн* («Манас» С.О.). *Бүбүгө барсаң, «бүф» дейт, Эшенге барсаң «сүф» дейт* (Барпы). *Бакшы, бүбү, тамырчы, Эмчи, домчу, күзгүчү, Сууну бүркккөн дарымчы, Мекир билет экен деп Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо). *Эбепке себеп дечү эле байым, Элде бүбү көп эле, байым Элден бир бакшы жыйсаңчы, байым!* («Эл адабияты»).

**БҮБҮЛҮК** Бүбүнүн абалы, бүбүнүн кесиби. *Азыраак бүбүлүк жайым бар эле, мындан ары коёюн* («Ала-Тоо»).

**БҮГҮЛ** **бүк II** этишинин туюк мамилеси. *Деди дагы Каныжан Чалга ийилип бүгүлдү* («Мендирман»).

**БҮГҮН** Бул күн, сутканын ошол күнкү өтүп жаткан мезгили. *Бүгүндөн калсаң, кеч болот* (Байтемиров). *Бүгүн аба ачык болгону менен, карандай суук катуу болуп турду* (Убукеев). ‖ Учурдагы мезгил, өз учуруна тиешелүү болгон бир аз убакыт, ошол учурда өтүп жаткан мезгил аралыгы. *Турмушта уяң өскөн Бүбүялар Майданда бүгүн көпкө берип сабак* (Турусбеков).

**БҮГҮНДҮК** Бүгүнкү күнгө гана эсептелген, бир күнгө гана жарарлык. *Бүгүндүк эле тыйын турат.*

**БҮГҮНКҮ** Үстүбүздөгү күнгө таандык, ошол учурдагы. *Дем алыш күндөр бүгүнкү күндөй өтсө* (Сыдыкбеков). *Бүгүнкүдөн эртеңкиси кызык.*

**БҮГҮНЧӨ** Бүгүнкү күнү, азырынча. *Бүгүнчө Чаргын жөнөкөй колхозчулар катарында* (Сыдыкбеков).

**БҮГҮҮ** **бүк II** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮГҮШ I** Бир нерсенин кабатталган, бүктөлгөн жери, бүгүлгөн тигиши. *Кош этек болбосо да, ошого жакын бүгүштөрү бар* (Сыдыкбеков). *Көйнөктүн бүгүшүн сөгүп жиберди эле эки эли узара түштү.*

**БҮГҮШ II** **бүк II** этишинин кош мамилеси.

**БҮДӨ** 1. Жан кыюу, курман болуу (түпкү мааниси). 2. *өт.* Жанын үрөө, жан алакетке түшүү, тынчсыздануу. *Кечке чейин жан бүдөгө түшүп иштеди.*

**БҮДӨМҮК** Күңүрт, ачык эмес, даана эмес. *Берди алыстан бүдөмүк бүлбүл көрүнгөн Чоң Койчунун үйүнө карап тура калды* (Жантөшев).

**БҮДӨМҮКТӨ** 1. Бүдөмүк көрүнүү, күңүрттөө, ачык көрүнбөө. *Жалгыз көзүм бүдөмүктөп көрбөй жатканын карачы* (Жантөшев). *Тээтиги алыстан бүдөмүктөп, бүлбүлдөп көрүнгөн ак кардуу тоо окшойт* (Жантөшев). 2. Бүдөмүк болжоо, божомолдоо. *Бүдөмүктөп кеп айтат* (Токомбаев).

**БҮДӨМҮКТӨН** **бүдөмүктө** этишинин өздүк мамилеси. – *Ооба, тааныймын,* – *деди Умсунай бүдөмүктөнүп* (Сасыкбаев).

**БҮДӨМҮКТӨӨ** **бүдөмүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮДӨМҮКТӨТ** **бүдөмүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮДҮР** 1. Майда-майда бүртүк. *Беттин бүдүрү. Жарманын бүдүрү.* 2. *өт.* «жок» сөзү менен айкалышта эч нерсе, таптакыр жок деген маанини берет. *Колунда малдан бүдүр жок. Бүдүр буудай калбады.*

**БҮДҮРӨЙ** 1. Майда-майда болуп бүртүйүп чыгуу, бүдүр болуп төмпөйүп билинип туруу. *Бүдүрөйүп бөржатыш чыккан.*

**БҮДҮРӨЙТ** **бүдүрөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮДҮРӨЙҮҮ** **бүдүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮДҮРӨКӨЙ** Бүдүрөйгөн, бүртүйүп чыгып турган. *Тегиз эмес, бүдүрөкөй.*

**БҮЖҮЙ** Бөжөйүү, бөйтөйүп, жыйрылгандай абалга келүү, кең-кесири кыймылда боло албоо. *Бүжүйүп жашынган коён.*

**БҮЖҮҢ** Кең-кесири кыймыл-аракетте боло албагандыкты, бүрүшкөн көрүнүштү, майдалап бөжөктөп баскан көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Кемпир мени менен сылык коштошту да, абайлап бүжүң-бүжүң басып кетти* (Касымбеков).

**БҮЖҮҢДӨ** 1. Өтө этият, элпек кыймыл, бүжүрөө. *Чоң энем бүжүңдөп барып күзгүгө каранып, ак бубак баскан саамайын жоолугуна жашырды* («Ала-Тоо»). 2. Баш ийүү, жагынуучулук менен бөйпөңдөө.

**БҮЖҮҢДӨӨ** **бүжүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЖҮҢДӨТ** **бүжүңдө** этишинин кош мамилеси.

**БҮЖҮРӨ** 1. Кенен жана шарт-шарт кыймыл-аракетте боло албоо, бүжүңдөгөн майда кыймылда болуу, кибирөө. *Адам улгайганда мына ушул мага окшоп бүжүрөп калат экен* (Сыдыкбеков). 2. Бөжөңдөө, бөйтөңдөп жасакерленген, жагынычтуу аракетте болуу, жалтактоо. *Жума атынан түшө*

*калып, эки колун бооруна алып бужүрөдү* (Жантөшев). *Ал бужүрөп ага тынымсыз кызмат кылууда.*

**БҮЖҮРӨҢДӨ** Бүжүндөө, бүжүрөгөн кыймыл-аракетте болуу. *Беккул экөөбүз нечен түрдүү таш кыяларды басып, бужүрөңдөп келе жаттык* (Элебаев).

**БҮЖҮРӨҢДӨӨ бүжүрөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЖҮРӨҢДӨТ бүжүрөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЖҮРӨӨ бүжүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЖҮРӨТ бүжүрө** этишинин аркылуу мамилеси. *Карабек жигиттерин бужүрөтүп, жалынтканына аябай кубана турган* (Жантөшев).

**БҮЗҮРҮК** *диал.* Олуя, касиеттүү, ыйык (көбүнчө эшендерди атаган).

**БҮЙЛӨ** Тиштин эти, тиштин кызыл эт түбү. *Урумкан көмөчтү ысык сүткө туурап, тиши жок оозунун бүйлөсүнө салып курсагын тойгузат* (Бейшеналиев).

**БҮЙЛӨЛӨ** *диал.* Тиши чыга элек баланын эмчекти бүйлөгө салып тартышы. *Эмчекти бүйлөлөп энесин кыйнады го.*

**БҮЙРӨ I** Камбыл, сарамжалдуу, тыкан. *Күндүзгүнү түнгө калтырбай, түнкү ишти таңга калтырбай, бүйрө бол, чыйрак бол жарыгым* (Сыдыкбеков).

**БҮЙРӨ II** Бүйрүлүп, жыйрылган сыяктуу майда толкун кебетеленген тармал. *Сакалы толкунумдун бүйрөсүндөй* (Токомбаев). *Бүйрө чачы күнгө тийген булуттай Толгонушуп кыбыр этет желге жай* (Токомбаев).

**БҮЙРӨ III** *туурасы:* **бюро.**

**БҮЙРӨЛӨН** Бүйүргөн сыяктуу жыйрылып тармалданган кебетеде болуу, толкун жүргөн сыяктуу быжыр-быжыр абалда болуу. *Тыбыт жүнү бүйрөлөнүп сеңселип, Койэчкилер жылда туүйт эгизден* (Осмонкул). *Бүйрөлөнгөн Ысык-Көл таңкы желге чайпалды* (Токомбаев).

**БҮЙРӨЛӨНТ бүйрөлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЙРӨЛӨНҮҮ бүйрөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЙРӨЛҮК** Камбылдык, сарамжалдуулук, тыкандык. *Ал мага караганда бүйрөлүк кылат.*

**БҮЙРҮ КЫЗУУ** Бир нерсеге абдан кызыгуу, өзүн токтото албай козголуу, кызууулануу, ышкысы келип аралаша кетүү. – *Пай-пай-пай! – деп тамшанып, зоңкойгон Көкөтай бүйрү кызып, чыдай албай көйнөгүнүн жакасын чечип жиберди* (Айтматов). *Тоголок Молдонун өзү сыяктуулардын чыгып жатканынан өйдө пикир алышып бүйүрлөрү кызышты* (Бейшеналиев). *Митингди көргөндө Фомичевдин бүйрү кызып, сүйлөгүсү келип кетер эле* (Сасыкбаев). **В.: Бүйрөсү кызуу.** – *Кийик! – деп эки көзү чакчайып, бакылоочулардын бири бүйрөсү кызый мылтыгын камданып, тизгин буруп калды* (Касымбеков). *Ал андан кийин бүйрөсү кызып, анын апасы жөнүндө айтып келип, анын баарын өздөрүнүн оор тагдырына байланыштырды* (Саатов).

**БҮЙРҮ** *туурасы:* **бүйүр II.**

**БҮЙРҮЛ бүйүр II** этишинин туюк мамилеси. *Кутулбастай кылып бек, Баштык кайта бүйрүлдү* (Токомбаев).

**БҮЙҮЗ** Суунун же бет мандай турган эки жактын бир тарабы, берки тарабы. *Өйүз менен бүйүздөн өрүштү тандап кончу эле* (Тоголок Молдо). *Өйүзүндө Турдубай, Бүйүзүндө Касымбек* (Тоголок Молдо).

**БҮЙҮР I** Капшыт, бөйрөктүн тушу. *Уйлар оттойт бүйрү чыга теңселип* (Осмонкул). *Чаңдуу чөлдө сейрек коён болчу эле, Чыктуу чөпкө бүйрү чыга тойбогон* (Токомбаев).

**БҮЙҮР II** Жыйрылган, бүрүштүргөн абалга келтирүү же тигиштерди жыйрыпжыйып бүйүрмөлөп тигүү. *Ал көйнөгүн бүйрүп тикти.*

**БҮЙҮРМӨ** Бүйрүлүп, бүктөлүп тигилген. *Бүйүрмө көйнөк. Бүйүрмө тон.*

**БҮЙҮРМӨЛӨ** Бүйүрмө салып тигүү бүйүрүү. *Бели бүйүрмөлөп тигилген тон.*

**БҮЙҮРМӨЛӨН бүйүрмөлө** этишинин өздүк мамилеси. *Жең учу бүйүрмөлөнгөн, бирок кең-кесири* (Сыдыкбеков).

**БҮЙҮРМӨЛӨӨ бүйүрмөлө** этишинин кыймыл атоочу

**БҮЙҮРМӨЛӨТ бүйүрмөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЙҮРМӨЛӨШ бүйүрмөлө** этишинин кош мамилеси.

**БҮЙҮРМӨЛҮҮ** Бүйүрмө салып тигилген. *Бүйүрмөлүү көйнөк.*

**БҮЙҮРТ бүйүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЙҮРҮҮ бүйүр II** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮК I** Бүктөлгөн жер, кандайдыр бир нерсенин бүгүшү. *Белдемчинин бүгүнө Бек бекитип кабыштап, Ала келген эмеспи* («Семетей»).

**БҮК II** Колду, бутту ж. б. ич жагына карай ийүү, бүктөө. *Айганыш бүгүп отурган бутун сунду* (Сыдыкбеков). *Жылдызкан таардын четине келип, буттарын бүгүп отура кетти* (Байтемиров). 2. Имере кайрып бүктөө, каттап бүктөө, бүктөй жыюу. *Этегиңди жазыраак бүк, болбосо узун.*

**БҮК ТҮШҮҮ** 1. Буттарын бүгүп, көмкөрөсүнөн бүрүшүп жатуу. *Акунжан кеткен күнү Жылдызкан оорудум деп шылтоолоп кечке чейин бүк түшүп, үйүнөн чыкпай жатты* (Байтемиров). *Уркуя жоолугунун учу менен бетин басып, полкага үстөмөнүнөн бүк түшүп жыгылды* (Байтемиров). *Ар жактан*

*атасы өксүп, кулунум деп, Бүк түшүп жер кучактап жатат чөгүп* (Турусбеков). 2. Карылыгы жетип, же кайгыга жендирип, күйүткө алдырып, күчтөн тайып муңкүрөп калуу, чөгүп калуу. *Илгерки заман болсо, мен эбак бүк түшүп калган болор элем. Эми мен карыгым да, өлгүм да келбейт* (Байтемиров). *Курсак кайнап, жан күйүп, Дене бошоп кан күйүп Заман тарып, бүк түшүп, Каңырыгы түтөшүп* («Семетей»).

**БҮКМӨ** 1. Бир нерсенин кабаттап бүгүлгөн жери. 2. *өт.* Табышмактуу ой, ачык эмес, түйүндүү сыр, чаргытылган пикир. *Айткан сөзүнүн кандайдыр бир бүкмөсү бар сыяктуу.*

**БҮКМӨЛӨ** 1. Бүкмө кылып жасоо, кабаттап бүктөө. 2. *өт.* Жашыруу, туюк айтууга, жигин билгизбөөгө аракет кылуу. *Бүкмөлөп айтылган ой.*

**БҮКМӨЛӨН** **бүкмөлө** этишинин туюк мамилеси.

**БҮКМӨЛӨТ** **бүкмөлө** этишинин аркылуу мамилеси. *Бүкмөлөтө кыска жазылган катты конвертке салды* (Жантөшев).

**БҮКМӨЛҮҮ** Жашырын, ачык эмес, туюк табышмактуу. *Сөз бүкмөлүү түрдө айтылып жатты* (Жантөшев).

**БҮКӨМБАРА** Таш-талкан, быт-чыт. *Бүкөмбарасы чыгып кыйрады.*

**БҮКӨМБАРА БОЛУУ** Ысырап болуу, майда-чүйдөлөнүп жок болуу, коромжу болуу. – *Кайсыны айтасың? Анын баары бүкөмбара болуп, жок болбодубу* («Чалкан»). *Ал базарга эртең келе албайт. Ошондуктан сатылбай калганынын баары бөөдө бүкөмбара болот* (Каимов).

**БҮКСҮ** **бүкшү** менен бирдей.

**БҮКТӨ** Кайрып коюу, имерип бүгүү, кабаттап кайыруу. *Ошол замат Динар баракты түбүнөн тыгыз бүктөп туруп айрып алды* (Сыдыкбеков). *Жылкычы камчысын бүктөп, эшиктен кирип келди* (Каимов). *Катты үч бүктөп туруп чөнтөгүнө салды* (Жантөшев).

**БҮКТӨЛ** **бүктө** этишинин туюк мамилеси. *Кокустан колундагы гүлдү жазып, Бүктөлгөн бир кичине кагаз тапты* (Үмөталиев).

**БҮКТӨЛҮҮ** Кабатталып коюлган, бүктөлгөн даяр. *Кагаздар таңгак болуп, бүктөлүү бойдон турат. Шаймандын баары бүктөлүү.*

**БҮКТӨМ** Нерсенин белгилүү бир өлчөмдө бүктөлгөн абалы. *Малик карбаластап, чөнтөгүнөн төрт бүктөм кагазды суурүп чыкты* («Жаш ленинчи»).

**БҮКТӨМӨ** 1. Кайрылып бүктөлүүчү, жазып же бүктөөгө боло турган. *Бүктөмө маки.* 2. Экиге бүктөлгөн эндүү, кабатталган. *Бүктөмө кездеме.*

**БҮКТӨӨ I** Кандайдыр бир нерсенин бүктөлгөн, кабатталган жери, бүктөлүп тигилген тигиши. *Алтынай элечегинин төбөсүндөгү бүктөөдөн темир комузун алды* (Сыдыкбеков). *Чөнтөктө жүрүп, каттын бүктөөлөрү жыртылган* (Жантөшев).

**БҮКТӨӨ II** **бүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮКТӨТ** **бүктө** этишинин аркылуу мамилеси. *Жалпы баарын бүктөтүп, Чаар ингенге жүктөтүп* («Эр Төштүк»).

**БҮКТӨШ** **бүктө** этишинин кош мамилеси.

**БҮКТҮР** **бүк II** этишинин аркылуу мамилеси. *Айчүрөк бейбак ордосун Көк жал аман барында Кышкысында бүктүргөн* («Сейтек»).

**БҮКҮЛҮ** 1. Бүтүн, майдаланбаган, чайналбаган түрүндө, кесек бойдон. *Адам данды бүкүлү жеп жүргөндө, Уста киши тегирменди жаратты* (Токомбаев). 2. Чечинбестен, кийими менен. *Самар көрпөчө салынып, чатырдын капшытына бүкүлү жатып алчу эле* («Ала-Too»).

**БҮКҮЛҮ СӨЗ** Үстүртөн кайпытып айтылган, терең маанилүү сөз. *Асанбай бүкүлү сөзгө дагы эле түшүнбөдү* (Жоошбаев).

**БҮКҮҢДӨ** Бир нерсени күйпөңдөп жашыруун иштөө, билгизбөөгө тырышуу. *Ал экөө обочо туруп алышып, бүкүңдөп бир нерсе иштеп жатышат.*

**БҮКҮҢДӨӨ** **бүкүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮКҮҢДӨШ** **бүкүңдө** этишинин кош мамилеси.

**БҮКҮР** Аркасы, бели дөмпөйүп чыгып калган, түз эмес, ийилген, бүкчүйгөн. *Далысына жыйылган тону туберкулездон бүкүр болгон баланын элесин келтирди* (Токомбаев). *Тердикти бүкүр кемпир Урумкан берген* (Бейшеналиев). *Калканбай эти качкан бүкүр манжаларын сунуп, кармоого умтулду* (Бейшеналиев).

**БҮКҮРӨЙ** Бүкүр абалда болуу. *Бугимов бүкүрөйүп, ары-бери басып ойлонду* (Сасыкбаев).

**БҮКҮРӨЙТ** **бүкүрөй** этишинин аркылуу мамилеси. *Мышык белин бүкүрөйтүп, тырмактарын жазып, эки колун илгери сунду* (Сыдыкбеков).

**БҮКҮРӨЙҮҮ** **бүкүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮКҮРӨКӨЙ** Бүкүр, бүкүр тарткан. *Ал бүкүрөкөйүнөн келген адам.*

**БҮКҮРӨҢ-БҮКҮРӨҢ** Бүкүр кишинин бөжөң-бөжөң, этип кыймылдагандагы абалын билдирүүдө колдонулат. *Бүкүрөң-бүкүрөң этип басуу.*

**БҮКҮРӨҢДӨ** Бүкүрөң-бүкүрөң этип кыймылдоо, белин, далысын ийген абалда кыймыл-аракетте болуу. *Кемпир бүкүрөңдөп кетип бара жатат.*

**БҮКҮРӨҢДӨӨ** **бүкүрөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮКҮРӨҢДӨТ** **бүкүрөңдө** этишинин ар-

кылуу мамилеси.

**БҮКҮРҮ** *туурасы:* **бүкүр.**

**БҮКЧӨЙ бүкчүй** менен бирдей. *Атабыз болсо бүкчүйүп, Карып калган чал эле* (Осмонкул).

**БҮКЧҮЙ** Бүкүрөйүңкү көрүнүштө болуу. *Карбаластап бүкчүйүп, Келе жатат Чалкалмак* («Эр Табылды»). *Картайып белим бүкчүйдү* (Токтогул). *Алтымышка келип калган кичине кемпир оттун жанында бүкчүйүп отурат.*

**БҮКЧҮЙТ бүкчүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Далортомду бүкчүйтүп, Мүчөмдү алды карылык* (Токтогул).

**БҮКЧҮҢ-БҮКЧҮҢ** Бүкүрөйгөн, бөкчөйгөн абалдагы көрүнүштү, бүкүрөндөгөн кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Бүкчүң-бүкчүң басуу.*

**БҮКЧҮҢДӨ** Бүкүрөндөгөн кыймыл-аракетте болуу, бүкчүң-бүкчүң этүү, бөкчөңдөө. *Кемпирдин баары бүкчүңдөп, Келиндин баары тикчиңдеп* («Эр Табылды»). *Кемпир тигинин терген пахтасын бүкчүңдөп көтөрүп кетет* (Байтемиров).

**БҮКЧҮҢДӨӨ бүкчүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮКЧҮҢДӨТ бүкчүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮКШҮ** Жыты бузулуу, сасыган, бузулган жыт чыгуу. *Үйдүн ичи бүкшүгөн тери жыттанат* (Токомбаев).

**БҮКШҮТ бүкшү** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЛ** *сейр.* Бүлүнүү, сынып-талкалануу, кыйроо, бүлгүн түшүү, бүлгүнгө учуроо, чабылып-чачылуу. *Сынбай-бүлбөй бар бекен Бул дүйнөнүн чегеси* (Токтогул). *Караңгыда жүргөнбүз, Жол таба албай бүлгөнбүз* («Жазгыч акындар»).

**БҮЛБҮЛ** Даана жана ачык көрүнбөгөн, ачык-айкын эмес, жарык нурлуу эмес, күңүрт. *Бүлбүл жанган, кебез милте чырагы, үзүлчүдөй үлбүрөгөн убагы* (Маликов). *Берди алыстан бүдөмүк бүлбүл көрүнгөн Чоң Койчунун үйүнө карап, тура калды* (Жантөшев).

**БҮЛБҮЛДӨ** Ачык, жаркыраган көрүнүштө болбоо, күңүрттөнүү, болор-болбос жарык шооласы көрүнүү. *Жетинчи чырак бүлбүлдөп, өзүнүн айлана-тегерегин араң эле жарык кылат* (Абдукаримов). *Таң нуруна бүлбүлдөп, Жылдыздар өчө баштады* (Осмонов).

**БҮЛБҮЛДӨӨ бүлбүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЛБҮЛДӨТ бүлбүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЛГҮЗ** *диал.* Бүлдүрүү. *Айылдын ичин бүлгүзүп, Какшаткандан эмесмин* (Барпы):

**БҮЛГҮН** Кыйроо, чабылып-чачылгандык, бүлүнчүлүк, бүлдүргүчтүк, *Согуш бейкут турмуштун ыркын бузат, бүлгүн түшүрөт* (Касымбеков). *Согушта бүлгүн болгон жайлар Эки эсе мурункудан артык болду эчен* (Үсөнбаев).

**БҮЛГҮНЧҮЛҮК бүлүнчүлүк** менен бирдей.

**БҮЛДӨ** *сейр.* Кымбат баалуу кездеменин аты.

**БҮЛДҮР** Бузуу, талкалоо, тополоң салуу, кыйратуу, жараксыз кылуу. *Жогол атом, элди, жерди күйдүрбөй, Сан курулуш, заводдорду бүлдүрбөй* (Нуркамал). *Айрып, жыртып бир канча, Дептерин да бүлдүрдү* (Тоголок Молдо).

**БҮЛДҮРГӨ** Камчынын боосу. *Бүлдүргөсү баргектүү* («Семетей» С.К.). *Бүлдүргөсүнөн үзүлгөн камчы Алымбайдын колунан чыгып кетти* (Сыдыкбеков). *Ичке жылан боордун бүлдүргөсү Нуркасымдын оң колунун ортонуна илинүү* (Сыдыкбеков).

**БҮЛДҮРГҮЧ** Кыйратып-талкалагыч, бузуп-жаргыч, зыянкеч. *Тымызың бүлдүргүч болсом, бул кандай иш болсун? – деп Алыбек терең ойлонду* (Жантөшев).

**БҮЛДҮРГҮЧТҮК** Зыянкечтик, бүлдүрүп-кыйратуучулук. *Анын бул иштегени – бүлдүргүчтүк.*

**БҮЛДҮРКӨН** Сабактары жерге төшөлүп, жайылып өсүүчү жапайы өсүмдүк. *Ушул беттерге келген адам кожогат менен бүлдүркөндөн аяк басарга чолоо жер таппайт* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн быдырлуу, кара кочкул түстөгү тоголок келген мөмөсү. *Бир күнү мен тоодон эки чыныга толтура бүлдүркөн терип келдим* (Элебаев). *Бүлдүркөн терген жерди эстейм* (Маликов).

**БҮЛДҮРКӨНДҮҮ** Бүлдүркөн өскөн. *Бүлдүркөндүү жылга. Бүлдүркөндүү кокту.*

**БҮЛДҮРТ бүлдүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЛДҮРҮҮ бүлдүр** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЛК** Жумшак былк эткен кыймылды (мисалы, эриндин тартылганы), көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Анда-санда анын бөйрөгү бүлк этип, көзүнүн жашы сымаптай томолонот* (Жантөшев). *Насиптин буйругуна айла барбы, Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап* (Осмонов).

**БҮЛКҮЛДӨ** Бүлк-бүлк этүү, тартылган, жорткон же жумшак солк эткен сыяктуу кыймыл-аракетте болуу. *Жийдегүл эки бөйрөгү бүлкүлдөп, добуш чыгарбай ыйлай баштады* (Сасыкбаев). *Омордун ээрди бүлкүлдөп, жооп айта алган жок* (Сыдыкбеков). *Чет жактагы кош казанда бүлкүлдөп, Бышып жатат майлуу сорпо, жай кайнап* (Маликов).

**БҮЛКҮЛДӨК** Карчыганын майлуу эти, жумшак эттүү бөлүгү. *Карчыганын бүлкүлдөгү.*

**БҮЛКҮЛДӨӨ бүлкүлдө** этишинин аркы-

луу мамилеси. *Гүлнар бөйрөгүн бүлкүлдөтүп кыт-кыт күлдү* (Сыдыкбеков).

**БҮЛӨ I** Үй ээсинин багуусундагы, карамагындагы кишилер, үй-бүлөнүн мүчөлөрү. *Көп бүлө бир үйдө коломтону тегеректеп, араң сыгылышып отурабыз* (Элебаев). *Жаңагы сен алып кеткен келин – менин бүлөм* (Сыдыкбеков). *Гүлжан Чырымга бүлө болгонун, дале мында каттап тургганын үкту* (Каимов).

**БҮЛӨ II** 1. Бычакты, устараны жана башкаларды бүлөөгө жануу, бүлөө менен курчутуу, жанып курчутуу. *Бычакты бүлөп бере койчу.* 2. *өт.* Кайратына келтирүү, кайраттандыруу. күчөтүү. *Түркүн кеңешин салып бүлөгөн* (Бейшеналиев). *Кызыл тилим сайратып, Бүлөп кетип барамын* (Токтогул).

**БҮЛӨЛҮК** Бүлө деп эсептегендик. *Бүлөлүккө санасаң, Ал-жайыма карагын* (Тоголок Молдо).

**БҮЛӨЛҮҮ** Бүлөсү көп, бала-чакалуу. *Ал көп бүлөлүү адам.*

**БҮЛӨӨ I** Бычак, устара ж. б. бүлөп курчутуу үчүн колдонулуучу жылма таш. *Өгөөмдү таштап, бүлөөмдү ал* («Эр Төштүк»). *Кылычтай болгон ак канжар, Бүлөө таш менен кайраган* (Осмонкул).

**БҮЛӨӨ II бүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЛӨӨЛҮК** Бүлөөгө жарай турган. *Бүлөөлүк таш.*

**БҮЛӨСҮЗ** Бүлөсү жок, бала-чакасыз. *Бүлөсүз киши.*

**БҮЛӨТ бүлө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЛӨШ бүлө II** этишинин кош мамилеси.

**БҮЛТҮГҮЙ** Бүлтүйгөн, төмпөгөй. *Бүлтүгүй тартып көрүнүү.*

**БҮЛТҮЙ** Кичине бүртүйүп, шишимик тартып туруу, болор-болбос бөлтөйгөн көрүнүштө болуу. *Денесине бүлтүйүп ысык чыккан.*

**БҮЛҮК** Бүлгүн, дүрбөлөң, чыр-чатак, чаңтополоң. *Элине бүлүк түшкөндө, Эр жигит ошондо сыналат* (Бөкөнбаев). *Атай жоголгон күнү ал издей берип, бүлүк салды* (Каимов).

**БҮЛҮН** Бүлүк түшүү, чабылып-чачылуу, бүлгүнгө түшүү, *Аттарынын ээрин алып, отко коюп, тамактанып жаткан солдаттар жоо тийгендей бүлүндү* (Жантөшев). ‖ Убаралануу, дүрбөлөңдөө, тынчсыздануу. *Баласы кыраан чорого Караан болуп берүүгө Каныкей энең бүлүнүп, А да келип калыптыр* («Сейтек»).

**БҮЛҮНДҮР бүлүн** этишинин аркылуу мамилеси. *Найзаны колго алды эми, Бүлүндүрүп салды эми* («Эр Табылды»).

**БҮЛҮНТ бүлүн** этишинин аркылуу мамилеси. *Мындагы элди бүлүнтпөй, өзүм чалгын чалайын* («Мендирман»),

**БҮЛҮНҮҮ бүлүн** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЛҮНЧҮЛҮК** Бүлүнгө түшкөндүк, бүлгүн.

**БҮП** Сын атоочтун бүпбүтүн деген күчөтмө даражасын түзөт.

**БҮПБҮТҮН** Эч жыртык-тешиги жок, сыныгы жок. *Бүпбүтүн көйнөк. Бүпбүтүн чыны.* ‖ *такт. м.* Толук, бүт бойдон. *Башын кеспей бүпбүтүн Шыралгага бергеним* (Тоголок Молдо).

**БҮР I** Бак-дарактардын ж. б. өсүмдүктөрдүн бүчүр жарып, тегиз жаңыдан көгөрүп келе жаткан жалбырактары, бөрткөндөгү жаш бүчүрлөрү. *Колхоздун жемиш бактары четтен бөртүп, тегиз бүр байлады* (Абдыраманов). *Токою жашыл бүр алып, Булбулдары таңшыган* (Токтогул).

**БҮР II** 1. Тепчип тигүү, илип-илип жамай салуу. *Түн ичинде көзү күргүр да көрбөйт. Болбосо тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем! – деди кемпир* (Элебаев). *Ал жыңайлак кой кайтарып жүргөндө, Мен жанында жыртыктарын бүргөмүн* (Токомбаев). 2. Бүйүрүү, бүрүштүрүү. *Чокмор тигишинен сөгүлүп кеткен таар бешмантын сыртынан бүрө курчанып алыптыр* (Убукеев).

**БҮРГӨ** Секирип жүрүүчү кичинекей кан соргуч мите. *Кантала менен бүргөдөн Каруубуз кетет таланып* (Токтогул). *Боз тоголок бүргө этиң Чаккан болчу, Токтогул* (Токтогул).

**БҮРГӨДӨЙ СЕКИРҮҮ** Өзүнө жакпаган, күтүлбөгөн кепти уккусу келбей чочуп кетүү, безге сайгандай болуу. *Мен андай жалгыз ат, жайдак тондуу немеге кызымды бербейм, – деп Субан бүргөдөй секирди, ары айттым, бери айттым, кулак какпады* (Жантөшев). **В: Бүргөдөй түйүлүү.** *Света кызарып-татарып бүргөдөй түйүлдү: жок-жок албайм... Түк да албайм* (Сактанов).

**БҮРГӨН** Шыбакка окшош өсүмдүк. *Коркуп качса кыргыйдан Короолу кирет бүргөнгө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ала барчын айланса, Аралайт түлкү бүргөндү* (Токтогул).

**БҮРГӨНӨКТӨП** Ээ-жаа бербей. *Бүргөнөктөп чыккан үн, Бүткөн бойду алкымдап* (Дүйшеев).

**БҮРГҮН** Байчечекейлер тукумундагы көп жылдык өсүмдүк.

**БҮРДӨ** 1. Бүчүрүн ачып бүр байлоо, жалбырагын чыгарып көгөрүү. *Кара жыгач, кайың, тал Жазында бүрдөп көрктөнөт* (Шүкүрбеков). *Жазда дарак бүрдөсө, күздө куурайт* (Шимеев). 2. *өт.* Өсүп-өнүп гүлдөө, өркүндөө. *Күндөн күнгө чыңалып, Бүрдөгүлө, балдар ай* (Барпы).

**БҮРДӨН бүрдө** этишинин өздүк мамилеси. *Алпештеп салкын жер орток, Чыпырап толуп бүрдөнүп* (Бөкөнбаев).

**БҮРДӨӨ бүрдө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮРДӨТ бүрдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Алма өрүктү бүрдөтүп, Текши мөмө алдырган* (Осмонов).

**БҮРДҮҮ** Бүрдү жыш байлаган, бүрү көп. *Чебич бүрдүү карагандарга кызыгып, жар таштын бооруна чыгып алар эле* (Сасыкбаев).

**БҮРК** Сууну же башка суюк затты, газды катуу кысым менен чачырата чыгаруу, атырылта чыгаруу, катуу чачыратуу. *Паровоздон бапылдаган үн угулуп, аппак бууну көктү көздөй бүркту* (Абдукаримов). *Чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбей, жинин бүркүп, оозун чоё ачуулуу боздошот* (Айтматов).

**БҮРКӨ** Бир нерсенин бетин, үстүн жабуу, чүмкөө, каптоо, далдаалап калуу. *Элечектин үстүнөн кара жоолукту бүркөй салынып бараткан Шамырбек датканын зайыбы* (Жантөшев). *Күндүн жүзүн бүркөгөн Туман менин колумда* (Тоголок Молдо).

**БҮРКӨК I** *сүйл.* Түндүк жабуу. *Түндүгүнүн бүркөгүн Сыр найза менен ачты дейт* («Саринжи-Бөкөй»).

**БҮРКӨК II** Айлана бүркөлүп турган, булут каптап, күн ачык эместеги абал, булуттуу, туман каптаган, бүркөө. *Күндүзү бүркөк, түнү ачык, Сыдырым шамал көп болот, Малды жакшы бакпаса, Ушуну менен сап болот* (Тоголок Молдо). *Күн бүркөк, дыбыраган жамгыр бар болсо керек эле* (Сыдыкбеков).

**БҮРКӨЛ бүркө** этишинин туюк мамилеси. *Күн бүркөлдү, кар жаады* (Баялинов).

**БҮРКӨН бүркө** этишинин өздүк мамилеси. *Айнысакан чапанын башына бүркөндү* (Жантөшев).

**БҮРКӨНЧҮК** Бетти калкалоочу жука материал.

**БҮРКӨӨ I** Ачык эмес, бүркөк.

**БҮРКӨӨ II бүркө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮРКӨӨЛҮК** Бүркөлүп тургандык, туман же булут басып тургандык, бүркөк тургандык. *Асман бүркөө, бүркөөлүгүн токтотпойт* («Советтик Кыргызстан»).

**БҮРКӨТ бүркө** этишинин аркылуу мамилеси. *Бетиңден өптүр деген сөз Бүркөттү Кишим кабагын* («Олжобай менен Кишимжан»).

**БҮРКТҮР бүрк** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮРКҮЛ бүрк** этишинин туюк мамилеси. *Жүк жүктөгөн төөлөрдүн чуудалары силкилдеп, оозторунан көбүк бүркүлөт* (Сыдыкбеков).

**БҮРКҮМ** Бир бүркүүгө ылайыкталган суюктуктун өлчөмү. *Бир бүркүм суу.*

**БҮРКҮМГӨ КЕЛБӨӨ** 1. Өтө аз, жетишсиз болуу, өп-чап болуу, адам арзыгыдай, жарыгыдай болбой калуу. *Чындаса мунуң бир бүркүмгө да келбейт. Ушунча кишиге кантип жеткизебиз* («Чалкан»). 2. Туруштук бере албоо, тендеше албоо, буйдамга келбөө. *Жок, болушпаса, ошондо жалпы ат коюп, көңүл букарасын тепсейбиз, алар бүркүмгө келбейт* (Ш. Үмөталиев).

**БҮРКҮНДҮ** Бүркүп ташталган же бүркүп чыгарылган чачыранды. *Кээде шуудурүмдүн болор-болбос бүркүндүсү жылаңач балтырына себилет* (Сыдыкбеков).

**БҮРКҮТ** 1. Аркар, кулжа, түлкү сыяктуу ири андарды алууга жарай турган күчтүү, чоң алгыр куш. *Ала барчын, курч тескөөр Бүркүтү бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев). *Бир кезде чыйкылдатып алып учту Кийиктин баласына бүркүт тийип* (Токомбаев). 2. *өт.* Кыраан, кыраакы, эр жүрөк, баатыр. *Мен бир бүркүт Тянь-Шанда шаңшыган* (Токомбаев).

**БҮРКҮТКӨ ЧЫРГА СҮЙРӨТКӨНДӨЙ КЫЛУУ** Создуктуруу, алаксытуу, алдоо маанисинде. *Ал кубаттуу душманы менен убактысынча болсо да, көңүлүн бүркүткө чырга сүйрөткөндөй кылып алаксыта туруш үчүн да анын башына жалгыз аяк кызыл башты садага чаап коюушу толук ыктымал болучу* (Касымбеков).

**БҮРКҮТЧҮ** Бүркүттү таптап аңга салуучу. *Саякбай Каралаев – чоң бүркүтчү.*

**БҮРКҮТЧҮЛҮК** Бүркүт таптап, бүркүт салуу кесиби, бүркүт салуучулук. *Бүркүтчүлүк менен күн көрүү. Бүркүтчүлүк – аңчылыктын бир түрү.*

**БҮРКҮҮ бүрк** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮРКҮШ бүрк** этишинин кош мамилеси.

**БҮРМӨ** Бүйүрүп тигилген. *Бүрмө бешмант.*

**БҮРМӨЛӨ** Бүйүрмө салуу, катар-катар бүктөө салуу. *Бүрмө салып, бүрмөлөп тигилген көйнөк.*

**БҮРМӨЛӨН бүрмөлө** этишинин өздүк мамилеси. *Бүрмөлөнгөн кош этектүү көйнөк.*

**БҮРМӨЛӨӨ бүрмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮРМӨЛӨТ бүрмөлө** этишинин аркылуу мамилеси. *Бүрмөлөтүп, коздотуп жасатуу.*

**БҮРӨӨ** *туурасы:* **бирөө.**

**БҮРСҮГҮНҮ** Бүгүнкү күндү кошуп эсептегенден кийинки үчүнчү күн. *Убадам боюнча бүрсүгүнү барайын* (Каимов).

**БҮРТ** *туурасы:* **мүрт.**

**БҮРТҮЙ** Бүртүк сыяктанып кичинекей гана төмпөйүп чыгуу. *Кыртыштуу борчуктун үстүндөгү сан түркүн гүлдүн, жайкалган шибердин сары гүлү бүртүйүп турат* (Таштемиров).

**БҮРТҮЙТ бүртүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮРТҮЙҮҮ бүртүй** этишинин кыймыл

атоочу.

**БҮРТҮК** Майда бүдүр, бүртүйүп турган тоголок бычыр. *Бир буртук буудайдын даны.*

**БҮРТҮКТҮҮ** Бүртүгү көп.

**БҮРҮК** 1. Сүннөткө отургузулбаган эркек. *Атаа, безилдеген бүрүгүм* («Манас» С.К.). 2. *өт*: Ислам дининдегилердин башкаларга «динсиз», «каапыр» деп кемсинткен мааниде айтылган сөзү. *Оозуна келген кепти айтып, Оолугасың сен бүрүк* («Манас» С.О.).

**БҮРҮЛ I** Каш карайып, көз байланган кез, үрүл-бүрүл ачык жарык эмес маал. *Коломтонун оту өчүп, үй ичи көлөкөлөнүп, бүрүл тартып баратты* (Сыдыкбеков). *Анын өңүнүн шалпайышы, көзүнүн кош кабаттанышы таңкы бүрүлдө Каныбекке байкалбады* (Жантөшев).

**БҮРҮЛ II бүр II** этишинин өздүк мамилеси.

**БҮРҮШ** 1. Солуган сыяктанып толук болбой турган, чүрүшкөн (мисалы, дан). *Суусуну канган жүгөрүлөрдүн бүрүшү кетип, жалбырактары типтик түзөлүп, бозоруңку тарткан өңдөрү кара-көк тартып, сөңгөгү чыңала түштү.* (Абдукаримов). 2. Колу-бутун бооруна жыйып жыйрылуу, курушуу, курушуп бырышуу, чүрүшүү. *Айдай арчанын түбүнө бүрүшүп отуруп, өзүнчө күлүп жатты* (Каимов). *Күн да тийди Жылый албай, үшүгөндөр бүрүштү* (Токомбаев). *Бүрүшүп калган туягым Чоң чарадай ачылсын, Төштүк* («Эр Төштүк»). 3. *өт.* Берекеси жок, катуу, тар, кең пейил эмес.

**БҮРҮШӨ** Кенен кыймылдай албоо, бүжүрөндөө. *Арчатору жаныбар Бүрүшө басып жорголоп* («Эр Табылды»). *Өз бутуна өзү чалына жаздап бүрүштөй кибиреп калды* (Байтемиров).

**БҮРҮШТҮР бүрүш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Балтек буттарын бүрүштүрүп, эшиктин алдына отура кетти* (Сасыкбаев).

**БҮРҮШҮҮ бүрүш II** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮРЧӨК** *сейр.* Бурч, булуң. *Бүрчөктөрү дирилдеп, Кабыктары туурулду* (Токомбаев).

**БҮРЧҮГҮНӨ ТЕҢ КЕЛБӨӨ** Теңдеше албоо, бирдей даражада боло албоо, тең тайлаша албоо, тең келбөө. *Зуураканга кудай берген, анын бактысы бар, өкмөт өзү көтөрүп жатат, ага теңелүүгө болбойт, эч ким анын бүрчүгүнө тең келбейт* (Жантөшев). *Мен алардын бүрчүгүнө да тең келбейм* (Абдумомунов). **В.: Бучкагына тең келбөө.** *Сыдык Айнагулдун бучкагына тең келбейт* (Жантөшев).

**БҮРЧҮК** Бүчүр, бүр, бүртүк. *Жер-жемиш бүрчүк байлап, гүл ачты* (Элебаев).

**БҮТ I** Толугу менен, бүткүл, бардыгы чогуу. *Кырк жигит түгөл бүт болду* («Эр Табылды»). *О, кубанчым, Дүрдана, Бүт дүйнөдө сен гана* (Токомбаев).

**БҮТ II** 1. Баштаган ишти аягына жеткире иштөө, аягына чейин иштөө, аяктоо. *Жер казуу жумушун үч-төрт күндө бүтөбүз* (Убукеев). *Чогулуштун акыры демилгелүү сөздөр менен бүттү* (Убукеев). 2. Пайда болуу, жаралуу. *Асман менен жериңдин Ширөөсүнөн бүткөндөй* («Манас»). *Адамча сүйлөп турду эми Чалкуйрукка тил бүтүп* («Эр Төштүк»). 3. Айыгуу, калыбына келүү. *Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт* (макал). 4. Түгөнүү, жок болуу. *Кымызды бүтөт деп ойлобогула* (Сыдыкбеков). 5. Жылчык, көзөнөк ж. б. бүтөлүп калуу *Ийненин көзү бүтүп, учук өткүс болуп калыптыр* («Ала-Тоо»). ‖ Тамагы буулуп, үнү чыкпоо. *Үнүм бүтүп жатат. 6.* Айласы, амалы кетүү, жадоо. *Бүттүм. Мен буга айтып отуруп бүттүм. Өзүбүз да жүдөп бүттүк* (Шүкүрбеков).

**БҮТКӨЗ бүт** этишинин аркылуу мамилеси. *Ишти өз убагында бүткөздү.*

**БҮТКӨН БОЙ** Бүт дене. *Анархандын денесин муздак тер басып, бүткөн бою шалдырады* (Жантөшев).

**БҮТКӨН БОЮ ДҮР ДЕЙ ТҮШҮҮ** Капысынан, күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир жагымсыз нерсени көргөндө, же жагымсыз начар кабарды укканда чочуп кетип денеси жыйрыла түшүү. *Байкабай отуруп анын жүзүн көргөндө бүткөн боюм дүр дей түштү* («Ала-Тоо»). *Ошенткен сайын бүткөн боюм дүр дей түшүп жатты* (Жоошбаев). *Кубарган эки нерсе кардын үстүндө сойлоп бара жаткансыганда, анын жүрөгү болк этип, бүткөн бою дүр дей түштү* (Жантөшев). **В.: Бүткөн бою дүр этүү.** *Карышкырдын өлүгүн көргөндө бүткөн бою дүр этип, тизелери калтырап кетти* (Жигитов). *Ракыя айтар замат бүткөн бою дүр этип ысый түштү да, кайра, «койчу»! деп алды* (Мидин). **Бүткөн бою дүркүрөө.** *Ошол замат жүрөгү шуу дей түшүп, бүткөн бою дүркүрөп, жаны оозуна тыгылды* (Жигитов). *Бала болсом да согуш деген түрү суук сөздү укканда бүткөн боюм дүркүрөп кетет* (Бердикеев). **Бүткөн бою дүрүлдөө.** *Ушундан кийин мышыкты көрсөм эле итатайым тутулуп, бүткөн боюм дүрүлдөй түшөт* (Борбиев). **Бою дүр дей түшүү.** *Аны укканда боюм дүр дей түштү* (Осмоналиев).

**БҮТКӨН БОЮ КУРУШУУ** Денеси жазылбай, өзүн начар сезүү. *Эмнегедир ичиркенип, бүткөн боюм курушкансыйт* (Абдукаримов).

**БҮТКӨН БОЮ ОТ МЕНЕН ЖАЛЫН** *к.* **эти от менен жалын.**

**БҮТКӨН БОЮ ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ** Өтө корккондо, же сүйүнгөндө денени майда калтырак баскандай кандайдыр жагымсыз сезим пайда болуу, денеси ысып кеткен сыяктанып сезилүү. *Акийманын беттери*

*албырып, көздөрү жайнап, бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, көзүнө эчтеке көрүнбөй, атына камчы уруп, ылдам жүрүп кетти* (Абдукаимов). **В.: Бүткөн бою чымыроо.** *Каттын аягына чыккыча бүткөн бою чымырап, от менен жалын болуп, кара терге түштү* (Абдукаимов). *Ыскактын бүткөн бою чымырап, кулагы чуулдап, элейген калыбында таштай катты* («Ала-Тоо»).

**БҮТКӨР бүт** этишинин аркылуу мамилеси. *Чала таштап койбогун, Кылган ишиң бүткөрбөй* (Осмонкул).

**БҮТКҮЛ** Бардык, бүт, жалпы баары, бүт бардыгы, бүт бойдон. *Акунжан бүткүл ички сырын төктү* (Байтемиров). *Амалын бүткүл үйрөндүм, Ажытын билдим дүйнөнүн* («Манас»).

**БҮТӨ** 1. Бир нерсенин ачык жерин бекитүү, тешиктерин тосуу, толтуруу, туюктоо. *Суук кирбесин деп, терезенин жылчыктарын бүтөдүм.* 2. Үстү-башын жаңыртуу, кемкарчтарын толуктоо. *Кийим-кечегин бүтөп алуу. // Ийгиликти иреттеп Бүтөгүлө колхозду* (Барпы). *Жумуш күчөп, жыл артынан жыл кууп, Оңдоп бүтөп, улам бийик кең куруп* (Осмонов). 3. *диал.* Бүтүрүү, аягына чыга иштөө бүткөрүү. *Палан кезде паландай иш бүтөп берген элем деп айтышка акыбыз жок* (Касымбеков).

**БҮТӨЛ бүтө** этишинин туюк мамилеси. *Жай-кышы кийими бүтөлбөй, Элибиз байга жалданган* (Осмонкул).

**БҮТӨӨ I** Бүтүн, бүтөлгөн, жылчыксыз капталган. *Кийимин бүтөө.*

**БҮТӨӨ II бүтө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮТӨТ бүтө** этишинин аркылуу мамилеси. *Совхозду алга күчөткөн, Бар шайманын бүтөткөн* (Бөкөнбаев).

**БҮТӨШ бүтө** этишинин кош мамилеси.

**БҮТҮГҮЙ** Жүлжүгүй, бүтүйгөн кууш, бүтүк. *Бүтүгүй көгүш көздөрү күлүңдөп карайт* (Даникеев).

**БҮТҮГҮН** *туурасы:* **битигин.** Китебин. *Бүтүгүн тоопкылышып, Билгендер окуган* («Эл адабияты»).

**БҮТҮЙ** Өтө эле кууш көрүнүү, бүтүгүй тартуу. *Кемпир күлүңдөгөн сайын, жөргөмүштүн торундай бетиндеги бырыштары жыйрылып, эки көзү ого бетер бүтүйүп кысыла түшөт* (Баялинов).

**БҮТҮЙТ бүтүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮТҮК** Бүтүгүй, бүтүйгөн, жүлжүйүп кысылган кууш. *Алымбайдын үстү жапкак үлүрөйгөн бүтүк көздөрү ансайын жумулгансыйт* (Сыдыкбеков).

**БҮТҮЛҮ** Бүтүн, бүткөн. *Бүтүлү буюм. Бүтүлү ишти бүлдүрбө.*

**БҮТҮМ** 1. *экон.* Мүлктүк жана аны менен байланыштуу мүлктүк эмес жеке карым-катыштарды жөнгө салып туруучу жаран укуктарынын жана милдеттенмелеринин токтотулушун же өзгөрүшүн белгилөөгө багытталган жеке же юридикалык жактардын иш-аракеттери. Эки тараптын ортосундагы баалуулуктарды коммерциялык алмашуу. 2. Кеңешип чечкен чечим, макулдашкан жыйынтык, чыгарылган өкүм. *Жүрөк сыздаганы менен айылдын карысынын бүтүмү бүтүм болду* (Сыдыкбеков). *Эки жактын эл билермандары баш кошуп, сүйлөшүп, бүтүм чыгарат* (Элебаев). *Сенин сыртыңдан бүтүм чыгарат* (Байтемиров).

**БҮТҮН** 1. Жыртык-тешиги жок, айрыгы жок, жыртылбаган. *Жылуу тамак, бүтүн көйнөк көрбөгөн, Таткан эмес байдын ичкен ашынан* (Токомбаев). 2. Сынган-бүлгөнү жок, сыныгы, жаракасы жок, кетилбеген, бузулбаган, кемирилбеген. *Терезенин төрт көзүнүн тең айнектери бүтүн* (Сыдыкбеков). 3. Бүткүл, бардык, бүт, бүтүндөй. *Бүтүн сырын Төштүктүн, Абайлап билип алды дейт* («Эр Төштүк»). *Бүтүн күмүш көрүнөт Колуна салган шакеги* (Токтогул).

**БҮТҮНДӨ** Жыртык-тешигин бүтөө, жамап-жазгоо, бүтүн кылуу. *Көйнөгүн бүтүндөп берди. Бүтүндөп жамоо.*

**БҮТҮНДӨЙ** Бүт бойдон, бүт, толук. *Бердинин кийген кийими бүтүндөй өзгөрүлгөн* (Жантөшев).

**БҮТҮНДӨӨ бүтүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮТҮНДӨТ бүтүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮТҮҢДӨ** Бүтүк көз менен кароо, көзүн жүлжүйтө кыбыңдатып караган абалда болуу. *Көздөрү бүтүңдөйт.*

**БҮТҮҢДӨТ бүтүңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүлжүк көз чал көздөрүн бүтүңдөтүп карайт.*

**БҮТҮР** Баштаган ишти, сөздү ж. б. аягына чыгаруу, толук бүтүү, акырына чыгуу, аяктоо, аткаруу. *Бүгүн түнү менен болсо да, ишти бүтүрөлү* (Жантөшев). *Миңдин ишин бир машина бүтүрөт* (Шүкүрбеков).

**БҮТҮРТ бүтүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮТҮРҮҮ бүтүр** этишинин кыймыл атоочу. *Эпкин менен бүтүрүү Көнүп калган адатың* (Турусбеков).

**БҮТҮРҮҮЧҮ** Бүтүрүп чыгуучу, акыркы жылын аяктоочу. *Бүтүрүүчү курстар. Бүтүрүүчүлөр менен болгон аңгемелешүү.*

**БҮТҮРҮШ бүтүр** этишинин кош мамилеси.

**БҮТҮҮ бүт II** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮТҮШ** 1. **бүт II** этишинин кош мамилеси. 2. Кандайдыр бир иш, соода, чатак ж.б. боюнча өз ара макулдашып, бир бүтүмгө келишүү, элдешүү, макулдашуу. *Сыртка чыгарбай, ал ишти өз ара бүтүштү.*

**БҮТҮШТҮР** Өз ара бүтүрүү, бир бүтүмгө

келүү, жайгаштыруу.

**БҮТҮШҮҮ бүтүш** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЧҮ БОО** Кийит кийгизүүдө кийит кийип жаткан тараптын ырым катары кийит кийгизүүчүлөрдү куру кол кылбай таштаган акча-тыйыны.

**БҮЧҮ** Көбүнчө ич кийимдерге, жаздык капка ж.б. байлаштырып бүчүлөп коюу үчүн топчу ордуна колдонулуучу ичке боо, бүчүлүк. *Көйнөгүнүн бүчүлөрүн чечти да, Азга олтурду ой токтотуп, салкындап* (Маликов).

**БҮЧҮЛӨ** 1. Бүчүсүн байлаштыруу, байлоо, бүчүлүгүн өткөрүү. *Куржундун оозун эрикпей бүчүлөдү* (Байтемиров). 2. Топчулоо.

**БҮЧҮЛӨМӨ** Бүчү тагылган, бүчүлүгү бар. *Бүчүлөмө көйнөк. Бүчүлөмө жака.*

**БҮЧҮЛӨН бүчүлө** этишинин өздүк мамилеси. *Жолой Жолдошевич костюмун бүчүлөнүп, галстугун оңдоду* (Каимов).

**БҮЧҮЛӨӨ бүчүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**БҮЧҮЛӨТ бүчүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**БҮЧҮЛҮК бүчү** менен бирдей. *Айтылуу кийим ок өтпөс, Мунун бүчүлүгү бир тогуз* («Сейтек»).

**БҮЧҮР** Бак-дарактардын жалбырак, бүр ачуучу майда бүртүгү. *Күн тиер менен эле кар эрип, бак-дарактардын бүрдөгөн бүчүрлөрү, көк жашыл чөптөр көрктөнө түштү* (Баялинов).

**БҮЧҮРЛҮҮ** Бүчүрү жыш, бүчүр байлаган. *Карагайдын бүчүрлүү бутактары жайылып, кээде теңселип шуулдай берет* (Сыдыкбеков).

**БҮШҮРКӨ** Ачык элестете албоо, чала таануу. *Мен сүйлөшсөм бүшүркөйт да таңыркайт. Кайта сурап бир далайга ойлонот* (Токомбаев).

**БҮШҮРКӨӨ бүшүркө** этишинин кыймыл атоочу. *Берки экөөнү таанибаймын, күндүз болсо, бүшүркөөгө мүмкүн эле* (Жантөшев).

**БЫГЖЫГЫЙ** Бети чоң, толук, бою пас. *Колхоздун ошол кездеги парторгу жапалдаш бойлуу, караторусунан келген быгжыгый киши эле (Кыргыз Туусу).*

**БЫГУУ бык** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫГЫШ бык** этишинин кош мамилеси, бир жерге батышуу. *Айзада кайненеси менен быгыша албай койду* (Сейталиев).

**БЫДЫ-БЫДЫ** Жай жана даана айтпастан, тез-тез сүйлөгөндү, бат-бат чулдурагандай үн салууну билдирүүдө колдонулат. *Билбейсиң да анан быды-быды этесиң* (Байтемиров).

**БЫДЫЛДА** Быды-быды этүү, өтө тез сүйлөө. *Жыпар колдорун аркасына жашырып быдылдап бат-бат айтты* (Сыдыкбеков).

**БЫДЫЛДАТ быдылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫДЫЛДОО быдылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫДЫР** 1. Нерсенин бетиндеги майда бүдүр, жылма болбогон майда томпок, майда-майда төмпөйгөн из. *Бетинде канча бедер, болсо быдыр, Ошончо ак чач тарых айтат шыбыр* (Токомбаев). 2. *өт.* Анча-мынча оокат, дүнүйө, мал-мүлк. *Адалдан бүткөн быдырды, Чачып, тентип келебиз* («Манас»).

**БЫДЫРА** Майдалаган дыбыроо, «дыбыр-дыбыр» этүү, майдалап тез-тез үн чыгаруу. *Октору танканын капталына мөндүрдөй быдырады* (Токомбаев).

**БЫДЫРАТ быдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫДЫРЛАН** Быдыр-быдыр болуу. *Быдырланган жайык бетте кандай гана чөптөр, өсүмдүктөр жок* («Ала-Тоо»).

**БЫДЫРЛУУ** Быдыры бар, быдырланган, майда быдырлары көп. *Бети жылмакай эмес, быдырлуу.*

**БЫДЫРОО быдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЖ-БЫЖ** 1. Бир нерсенин, мисалы, жарманын, кыжылдап, кайнагандай болуп ачып, көөп чыгышын билдирүүдө колдонулат. *Бозо быж-быж этип кайнап, көбүрүп-жабырып ташып жатты.* 2. Быкылдап жык толууну, кыжылдап жыш болууну билдирүүдө колдонулат. *Бар жандык быж-быж, Кайнашып кыж-кыж, Базары жаздын кызыган* (Элебаев).

**БЫЖЫ** Жаңы союлган койдун боорун чийкилей эзип, ич майдан майдалап туурап, пияз, калемпир, мурч, айрым учурда күрүч аралаштырып мөөнгө салып бышырылуучу тамак. *Быжы жасоо. Чоң-чоң кесилип коюлган быжы.*

**БЫЖЫ-БЫЖЫ** Быкылдаган көптүктү билдирүүдө колдонулат. *Быжы-быжы жайнаган курт-кумурскалар.*

**БЫЖЫГЫР** Жүнү, түгү тыгыз келген тармал. *Быжыгыр кара сакал киши карап да койгон жок* (Токомбаев). *Быжыгыр көрпө тумагын булгалактатып келе жаткан Касым* (Бейшеналиев).

**БЫЖЫЛДА** 1. Быж-быж этип, көбүрүп ташуу, ачуу. *Бозо быжылдап ачыйт.* 2. Бык-бык этүү, кыжылдоо, аябай толуу, көп болуу. *Калмактын колу кыжылдап Аркасынан түрмөгү Кара курттай быжылдап* («Манас»). *Калың кошуун кыжылдайт Кара курттай быжылдайт* («Манас»). 3. Майдалап көп сүйлөө. *Быжылдабай тынч отур. Көп быжылдап, менин мээмди ачытпачы.*

**БЫЖЫЛДАТ быжылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЖЫЛДОО быжылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЖЫР** Майда-майда чыбырчык тарт-

кан, жыйрылган, жыбырлаган. *Өзүнүн уясын көздөй кыйгачтанган жайкы күндүн нурлары майда быжыр толкундарга калт-калт этип чагылышат* (Абдумомунов).

**БЫЖЫРА** 1. Бықылдап жайноо, көп болуу. *Жамырап чыккан көк быжырап, алда кандай сонун көрүнөт* (Элебаев). *Кайда барбагын быжыраган эл* (Байтемиров). 2. Быжыр-быжыр жайнап, майда чыбырчыктап чыгуу, жыбырлоо. *Быжырап жээкти карай сүрүлгөн толкундар.* 3. Майдалап сайроо же сүйлөө. *Абадан торгой быжырайт, Агарып аткан таң үчүн* («Манас»). *Таңга маал ойгонуп, Торгой мисал быжырап* (Токтогул).

**БЫЖЫРАТ быжыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЖЫРОО быжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЙПЫГЫЙ** Быйпыйган, быйпык. *Жумагүлдүн мурду быйпыгый, эриндери жука* (Шимеев).

**БЫЙПЫЙ** Таноолору кыпчылыңкы келип, мурду чолок тарткан кичине көрүнүштө болуу, быйпык көрүнүштө болуу. *Керимахун ачуусуна чыдабай, быйпыйган мурдун кармалап-кармалап койду* (Жантөшев).

**БЫЙПЫЙТ быйпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЙПЫК** Таноосу ич жагына тартылгансып, мурду чологунан келген кичине. *Алик алдык Кубаныч бардай сезилди, Быйпык мурун кара тору жүзүндө* (Осмонкул).

**БЫЙПЫҢДАТ** Быйпык мурундуу адамдын бет кыймылынын көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат. *Түркүн чал бел баскак мурдун быйпыңдатып, мактанычтуу көөдөнүн кере дем алды* (Бейшеналиев).

**БЫЙТЫЙ** Бөйтөйгөн кичинекей, сүйкүмдүү көрүнүштө болуу. *Бөбөктүн колдору быйтыйып, көзгө жылуу.*

**БЫЙЫЛ** Үстүбүздөгү жыл, ушул жыл. *Орусбегиңиз быйыл мектепке барат. Кийинтип коюңуз* (Сыдыкбеков).

**БЫЙЫЛКЫ** Үстүдөгү жылга таандык, ушул жылкы. *Быйылкы кыш бөтөнчө болду* (Байтемиров). *Алма, өрүктүн быйылкы гүлдөшүн айтпагыла* (Сыдыкбеков).

**БЫЙЫЛКЫСЫН** Быйыл, быйылкы жылы, ушул жылы. *Быйылкысын силерге, Жайлоо болот ушул жер* («Эр Табылды»).

**БЫК** 1. Жашырынып жатуу, чөгүп жатуу, бөгүп, билинбей жаткан абалда болуу. *Толтуралы вагондорго Бығып жаткан жер кенин* (Бөкөнбаев). 2. Жайланышып орун алуу, батышуу.

**БЫК-БЫК** 1. Акырындык менен тегиз кайнагандыкты, жайыраак кайнагандагы суюктуктун дабышын билдирүүдө колдонулат. *Казандагы эт бык-бык этип кайнап жатты.* 2. Бықылдаган көптүктү, кыжыкыйма толгондукту билдирүүдө колдонулат. *Бык-бык эткен эл.*

**БЫКБЫР** *туурасы:* **быкпыр.**

**БЫКБЫРДАЙ КАЙНОО** Өтө көп болуу, сан жеткис абалда жык-жыйма болуп көрүнүү, толуп, жайнап кетүү. *Быкбырдай кайнаган элден баш адашат* («Кыргызстан маданияты»). *Үйгө шыкалган көпчүлүк тышка жамыраганда ...короосуна батпай быкбырдай кайнайт* (Бейшеналиев).

**БЫКПЫР быкпырдай** менен бирдей. *Чабактар Нарын куймасына жакын быкпыр дейт* (Бейшеналиев).

**БЫКПЫРДАЙ** Бықылдаган көп, бык-бык этип толгон. *Быкпырдай жайнаган эл. Быкпырдай көп.*

**БЫКПЫРДАЙ КАЙНОО** *к.* **быкбырдай кайноо.** *Сары балыктары быкпырдай кайнап, кашка суунун шарында ойнойт* (Байтемиров).

**БЫКСЫ** *диал.* Сасыган жагымсыз жыт чыгаруу, бүкшүү.

**БЫКТЫР** Көптүрүү. ‖ Отун тартып, жай, тымызын кайнатуу. *Быктырып эле кой.*

**БЫКШУУ быкшы** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫКШЫ** 1. Күйбөй түтөө. *Коломтодогу нымдуу арчалар жакшы күйбөй түтүнү быкшып, кайра үйдүн ичин каптайт* (Каимов). 2. Сасык, жаман жыт чыгаруу, жылымчы коңурсуган жыт чыгуу. *Ушул быкшыган жыттан тезирээк өтүш үчүн, текирең таскакка салышты* («Советтик Кыргызстан»).

**БЫКШЫТ быкшы** этишинин аркылуу мамилеси. *Баятан бери бир суу талды быкшытып күйгүзө албай отурабыз* (Элебаев).

**БЫКЫ** Бықылдаган көп болуу, бык-бык этүү. *Быкыган машина менен жумушчулар эмгектенип жатышат* (Сасыкбаев).

**БЫКЫ-ЧЫКЫ** Майда-чүйдө, быкыр-чыкыр. *Бугимов болсо ички сырын быкы-чыкысынан өөдө Маниловскийге сүйлөөнү каалаган жок* (Сасыкбаев).

**БЫКЫЙ** *сүйл.* 1. Жаман, ыплас (балдарга карата). 2. Жаман иштер, былык. *Эки дос элиргендей быкый чукушуп калыптыр го* («Ала-Тоо»).

**БЫКЫЙЫ ЧЫГУУ** Жаман кылык-жоругу, кемчилиги билинүү, бети ачылуу. *Зили бузук Садыкжандын быкыйы чыкты* («Ала-Тоо»).

**БЫКЫЙЫН ЧУКУУ** Жаман кылык-жоругун, кемчилигин айтып, эл алдында уят кылуу, маскаралоо, шылдыңдоо. *Алардын сасыгын айтып, эл көзүнчө быкыйын чукууга тап коюшчу* (Ш. Үмөталиев).

**БЫКЫЛДА** 1. Бык-бык этип жайноо, аябай көп болуу. *Кичине аянтчага эл быкылдап толгон* (Жантөшев). 2. Бык-бык кайноо. *Самоор быкылдайт.*

**БЫКЫЛДАТ быкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫКЫЛДОО быкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫКЫН** Сүбөөнүн алды жагы. *Оң колун быкынына таяды* (Токомбаев). *Ашыр быкындагы тапанчасын артын көздөй серпип буйрук берди* (Сасыкбаев).

**БЫКЫР-ЧЫКЫР** Майда-барат, майдачүйдө нерселер. *Питирлер тапкан ташыганын тыйынга айлантып, быкыр-чыкыр жыйышат* (Бейшеналиев).

**БЫКЫРА** Быкылдоо, абдан көп болуу. *Күнгөй-тескейге мал быкырап батпайт* (Касымбеков).

**БЫКЫРАТ быкыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫКЫРОО быкыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛАМЫК** *туурасы:* **буламык.**

**БЫЛБЫРА** Былбырак тартып туруу, бош болуу, былпылдап жумшак болуу. *Колу, бети былбырап, көзүнүн асты карарыңкы тартып турат* (Сыдыкбеков).

**БЫЛБЫРАК** 1. Былбырап бош, чың эмес, былпылдак, жумшак. *Жаак эти былбырак.* 2. *өт.* Жүүнү бош, чыйрак эмес. *Ал былбырак неме.*

**БЫЛБЫРАТ былбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛБЫРОО былбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛГУУ былгы** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛГЫ** 1. Бузулуп, жаман жыт чыгаруу, былжуу. 2. *өт.* Былык түшүү, бузугу чыгып жамандык жагына айлануу. *Эгер иш былгый турган болсо, өзүңдү кандай тагдыр күтөрү эсиңде болсун!* (Сасыкбаев).

**БЫЛГЫТ былгы** этишинин аркылуу мамилеси. *Баарын былгытып салып, эми кеткен болот* («Ала-Тоо»).

**БЫЛГЫТМА** Былык салуучу, былгытуучу, билгизбей бузуку иштерди жасоочу. *Былгытма адатын таштатууга убакыт жетти го деп ойлойбуз* («Чалкан»).

**БЫЛДЫРА** Майдалап, бат-бат, ачык эмес сүйлөө, күңүрт үн чыгаруу. *Былдырап келе жатып Эркин жыгылып, ыйлап жиберди* (Жантөшев).

**БЫЛДЫРАТ былдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛДЫРЛА былдыра** менен бирдей. *Көрүнгөнгө талпынып былдырлап жылдызы маңдайында жайнаган бала* (Сасыкбаев).

**БЫЛДЫРОО былдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЖЫ** Былжырап бүкшүп кетүү, сасык жыттануу, жагымсыз чирик жыттанган жыт чыгаруу. *Былжып сасыган эмненин жыты?*

**БЫЛЖЫР** Өсүмдүктүн жана айбандардын клеткалары бөлүп чыгаруучу илээшме жылбышкак зат.

**БЫЛЖЫРА** 1. Илээшип туруу, былжырак тартып эзилип ылжыроо, жумшарып эзилип туруу. 2. *өт.* Маанисиз, орунсуз сүйлөө, тантыроо. *Ичи жаман адамды Былжыраса кокустан, Тик эле кармап алалы* («Сейтек»).

**БЫЛЖЫРАК** 1. Илээшкек, былжыраган. *Былжырак камыр.* 2. *өт.* Чыйрак эмес, жүүнү бош. *Үстүнө үйрүлө беришип, балдарын былжырак өстүрүп алышат* (Сыдыкбеков). ‖ *өт.* Орду жок сүйлөгөн, тантырак, кепжирек.

**БЫЛЖЫРАТ былжыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛЖЫРЛУУ** Былжырак заты бар. *Оозунун ичиндеги былжырлуу катмары шишип, ак саргыл тактар пайда болот* («Кыргызстан аялдары»).

**БЫЛЖЫРОО былжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЖЫТ былжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛИНА** Баатырлар жана тарыхый окуялар тууралуу баатырдык патриоттук темадагы орус элдик оозеки чыгармачылыгынын жанры.

**БЫЛК** Акырын болгон кыймыл-аракетти, солк эткен, бир аз козголгон кыймылды билдирүүдө колдонулат. *Былк этсе, жалп эттирет снайперлер* (Үмөталиев). *Сынчы ата бейит окшоп, үнсүз, сөзсүз. Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт* (Осмонов).

**БЫЛК ЭТКИЗБӨӨ** Өтө катуу кармоо, баштуу кармоо, бардыгын өз орду менен башкаруу, жайында кылуу. *Эркек эмне тышта, үйдү былк эткизбей кармаган, башкөз болгон аял* (Абдукаимов).

**БЫЛК ЭТПӨӨ** Тоотпоо, кебелбөө, таасирине берилбөө. *Бирок сабырлуу Садык былк эткен жок* (Каимов). 2. Козголбоо, кыймылга келбөө. *Ошол жаткан боюнча таң аткыча былк этпеди* (Мырзаев). *Токойдогу лыжанын изинен башка чыйыр түшө элек, калың кар али былк этпейт* (Абдукаимов).

**БЫЛКЫЙ** Бултуюу, булкуюп өткөрө эткел, семиз көрүнүү. *Былкыйып эттүү.*

**БЫЛКЫЛДА** Акырын кыймылдоо, былкбылк этүү, солкулдаган жумшак кыймылда болуу. *Барпынын муруту былкылдап, көзү күлүңдөп кетти* (Байтемиров). *Бутуңдан тартып кетчүдөй Бут тийген жериң былкылдайт* (Маликов).

**БЫЛКЫЛДАК** Былк-былк эткен, былкылдап турган. *Былкылдак саз.* ‖ Солкулдак. *Былкылдак куурай бышкыча, Мыйзамдын гүлү учкуча, Мыкташып жатып уруштук* («Манас»). *Табылгынын былкылдак Көк чыбыктан кестирип, Мээр чөптөн аралаш, Ал жабууга салдырдым* («Эр Төштүк»).

**БЫЛКЫЛДАТ былкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛКЫЛДОО былкылда** этишинин кош

мамилеси.

**БЫЛП** Кандайдыр бир нерсенин абдан жумшак экендигин, былбыраган көпшөк же бошоң экендигин билдирүүдө колдонулат. *Былп эткен жумшак. Басып көрсө, былп-былп этет*

**БЫЛПЫЙГАН** Былкылдаган, жумшак.

**БЫЛПЫК** 1. **былпыйган** менен бирдей. 2. Толук, семиз, былкылдаган. *Дасторконго толмоч келген былпык келин тамак-аш коё баштады* (Макенбаев).

**БЫЛПЫЛДА** Былп-былп эткен жумшак абалда болуу. *Былпылдап жумшаган тери.*

**БЫЛПЫЛДАТ былпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛПЫЛДОО былпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛТЫГЫЙ** 1. Былтыйган коюу. *Былтыгый жарма.* 2. Абдан эттүү, былчыйган, былкыйган. *Бети былтыгый.*

**БЫЛТЫЙ** 1. Илээшип коюлуп туруу, боткодой коюлуу. *Жарма былтыйып калыптыр.* 2. Былкыйып өтө семиз көрүнүү, былчыйып эткелинен келүү. *Бети былтыйып жайык.*

**БЫЛТЫЙТ былтый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛТЫР** Өткөн жылы, бир жыл мурун өткөн убакыт. *Зуура былтыр отуз эки козу сыйлык алган* (Баялинов). *Аскерге былтыр кеткен эң кенжеси* (Осмонов).

**БЫЛТЫРКЫ** Өткөн жылкы, өткөн жыл ичиндеги. *Былтыркы Мыскал деген кыз келиптир* (Сыдыкбеков). *Дан түшүмүн былтыркыдан мол алды* (Осмонов).

**БЫЛТЫРТАН** Өткөн жылдан тартып, былтыркы жылдан баштап. *Былтыртан бери айдала баштаган жер.*

**БЫЛТЫЮУ былтый** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЧ** Жумшак нерсенин үстүнө бирдеме түшкөндө же урунганда чыккан дабышты, сууга тийген же чалп эткен дабышты билдирүүдө колдонулат. *Былч дей түштү. Былч-былч этүү.*

**БЫЛЧЫ** Жанчуу, былчылдата уруу, сабоо. *Аябай былчып таштады.*

**БЫЛЧЫГЫЙ** Жапалдашынан келген толмоч, былчыйган. *Былчыгый кара жигит.*

**БЫЛЧЫЙ** 1. Жалпаюу, капшырылып, кабырылып жалпайып калуу, жанчылуу. *Ай-балта тийип мурдуна Былчыйгандар дагы бар* («Манас»). 2. Өткөрө семирип кетүү, былкыйып туурасы чыга семирүү. *Ал быйыл өтө эле былчыйып кетиптир.*

**БЫЛЧЫЙТ былчый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЛЧЫЛДА** Былч-былч этүү, суу болуу, шөмтүрөө. *Ботинкасынын ичи былчылдап сууга толуп кетиптир* («Ала-Тоо»).

**БЫЛЧЫЛДАТ** 1. Былчылда этишинин аркылуу мамилеси. 2. Тепкилеп сабап коюу, аябай уруу, жанчып салуу. *Теке колуна ороду чачты, Кыскасы былчылдатты* (Шүкүрбеков).

**БЫЛЧЫЛДАШ** Аябай салгылашуу, тепкилешүү, сабашуу, урушуу. *Пулемет чайкап, ок атып, Былчылдаштык урuштук* (Каралаев).

**БЫЛЧЫЛДАШУУ былчылдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЧЫЛДОО былчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЧЫРА** Былчыюу, жанчылуу, талкалануу. *Жиликтин башы зыркырап, Таманым ташка былчырап* («Манас»).

**БЫЛЧЫРАН былчыра** этишинин өздүк мамилеси.

**БЫЛЧЫРАТ былчыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Келаткан танк алдына жата калды. Тепседи эрди зор танк былчырата* (Үмөталиев). *Ал жыландын башын былчырата басты* (Жантөшев).

**БЫЛЧЫРОО былчыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЧЫЮУ былчый** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЫГУУ былык** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЛЫК I** Жалпы нормага туура келбеген иш, жалпы тартиптен чыккан кылык, натуура аракет, бузуктук, арамдык. *Салык башкарманын кылган былыктары жөнүндө сөз тарап кетти* (Байтемиров). *Былыктарыңдын баарын чукуп, атаңды таанытпасам, Түркүн атым өчсүн!* (Бейшеналиев).

**БЫЛЫК II** Былгуу, бузулуу. *Үйдүн ичи былыкты. Иши былыкты.*

**БЫЛЫКТЫР былык** этишинин аркылуу мамилеси. *Баарын былыктырып, түпкө жеткени жаткан ошолор* (Сасыкбаев).

**БЫЛЫҢГЫТ** Сасык, бузулган тамак-аш, эт. *Сасыган былыңгыт бар сасык эттей, кек сактайт андай киши алы жетпей* («Эл адабияты»).

**БЫР I** (быр-сыр). Кыпын-сыпын, майда бүр, чаң-чуң, ыпыр-сыпыр. *Бубуш киймин-деги быр-сырды күбүп, үйгө кирди* («Ала-Тоо»).

**БЫР II** 1. Канаттуулар чукул көтөрүлө, канаттарын тез-тез катуу-катуу кагып учкандагы дабышын билдирүүдө колдонулат. *Кай бир аттарды капыстан быр этип учкан бөдөнөлөр чочутат* (Жантөшев). 2. Мурундун бырылдаган дабышын билдирүүдө колдонулат. *Бышты таноосун быр-быр эттирип жүрүп отурду* (Сасыкбаев).

**БЫРБЫГЫЙ** Мурду бырбыйган, бырбык. *Бырбыгый мурун.*

**БЫРБЫЙ** Бети-башы, мурду чүрүшүп, жыйрылган абалда болуу, тыржыйып бырышуу. *Бети-башы бырбыйып, ыйлап жиберчү кебетеде.*

**БЫРБЫЙТ бырбый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРБЫК** Бырбыйган, бырбыгый тарткан. *Бырбык мурун.*

**БЫРБЫКТА** Бырбыйып бети-башын бырыштыруу, бырбыйып ыйлоо. *Эмне бырбыктайсың?*

**БЫРБЫКТАТ бырбыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРБЫКТОО бырбыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРБЫҢ** Ыйлап ийчүдөй болуп дайыма бети-башын бырыштырып жүргөн адам же ошондой кебетеде болуу. *Бырбың этип мурдун тартуу. Бырбың-бырбың бышактоо.*

**БЫРБЫҢДА** Бырбың-бырбың этүү, бырбыйып бышактоо. *Бырбыңдап сүйлөй берүү. Бырбыңдап ыйлоо.*

**БЫРБЫҢДАТ бырбыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРБЫҢДОО бырбыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРБЫЮУ бырбый** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЖЫЙ** Быржык тартып туруу, бырышуу. *Быржыйып мойну кат-кат.*

**БЫРЖЫЙТ быржый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРЖЫК** Жыйрылып, кабат-кабат тартып, бырышып турган абал. *Быржык моюн.*

**БЫРК-БЫРК** Акырын боркулдап кайнагандай дабышты билдирүүдө колдонулат. *Ботко бырк-бырк кайноодо.*

**БЫРКЫЛДА** Бырк-бырк этүү, акырын боркулдап бөртө кайнагандай дабыш чыгаруу.

**БЫРКЫЛДАТ быркылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРКЫЛДОО быркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРКЫРА** Майда-майда болуп бөлүнүп кетүү, бычыроо, талкаланып сынуу. *Шалдырады терезелер быркырап, Чаң ызгыды жер солкулдап, үй кулап* (Үмөталиев).

**БЫРКЫРАН быркыра** этишинин өздүк мамилеси. *Боз тулпар шарт бурулду аркырады, Тоодой таш, кумдай болуп быркыранды* (Осмонов).

**БЫРКЫРАТ быркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРП** Быр эте кескин кыска чыккан дабышты, тырпырап канат кагылгандай чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Бырп этип аяк астынан чымчык учту* (Сыдыкбеков). *Чып-чып камчыланса, аты бырп-бырп эттирип, бышкырып коюп өтө берди* (Байтемиров).

**БЫРПЫЛДА** Бырп-бырп этүү.

**БЫРПЫЛДАТ бырпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРПЫЛДОО бырпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРПЫРА** 1. Бырп-бырп этип талпынуу, тырпырата канат кагуу. *Бытпылдык учту бырпырап* (Элебаев). ‖ Тыбыроо, тыбырчылоо. *Бырпырап барып жатып калды.* 2. Чаңын чыгаруу, чаңдатуу. *Балдардын оюнунан жолдун чаңы бырпырап асманга көтөрүлдү.*

**БЫРПЫРАТ бырпыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жолоочу Тазабекти төрт аягынын астында бырпыратты* (Сыдыкбеков).

**БЫРПЫРОО бырпыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРР** Бырылдай чыккан катуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Аттар бырр-бырр бышкырынат* (Сыдыкбеков).

**БЫРС** 1. Чукулунан кыска чыккан күлкүнү билдирүүдө колдонулат. *Мастура эрксизден бырс күлүп ийди* (Абдукаримов). *Кетирекей келиндин кебине Маруся бырс этти* (Сыдыкбеков). 2. Тырс этип жарылганда же сынганда чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Бырс эткизе чемичке чагат.* 3. Мышыкты чочутуу, кубалоо максатында айтылат. *Бырс! Сүткө баратканын кара!*

**БЫРСЫЛДА** Тырсылдап жарылгандай же сынгандай дабыш чыгуу. *Куурулган буудай бырсылдап жарылууда.*

**БЫРСЫЛДАТ бырсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРСЫЛДОО бырсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРТ** 1. Морт сынганда, жарака кеткенде чыккан күңүрт дабышты билдирүүдө колдонулат. 2. Кырт-кырт эткендей чайнаганда чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Коён алдына салынган бедеден бырт-бырт чайноодо. Козу чөптү бырт-бырт чайнап жатты.*

**БЫРТЫГЫЙ** Быртыйып кыска, кичине, көрүнгөн, мыртыйган. *Калыбек быртыгый колу менен Жуманы колтуктап алды* (Каимов).

**БЫРТЫЙ** Кол-бут, бой кыска келип, жоон көрүнүштө болуу. *Кайназар чаначтай дырдыйып, колдору быртыйып турат* (Жантөшев).

**БЫРТЫЙТ быртый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРТЫЛДА** Бырт-бырт этүү, бырт-бырт керте чайнагандай дабыш чыгаруу.

**БЫРТЫЛДАТ быртылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРТЫЛДОО быртылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЧ-БЫРЧ** Бырча-бырча менен бирдей. *Бырч-бырч бөлүү. Бырч-бырч кесүү.*

**БЫРЧА-БЫРЧА** Майда-майда кылып бөлүнүү, бөлчөктөп кескилөөнү, бөлүк-бөлүк кылып таштоону билдирүүдө колдонулат. *Журтбек сумкасынан бир барак кагазды алып бырча-бырча тытты* (Бейшеналиев).

**БЫРЧАЛА** Бырча-бырча кылып бөлүп са-

луу, майдалоо. *Жоолугун алып бырчалап айырды* (Жантөшев).

**БЫРЧАЛАТ бырчала** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРЧАЛАШ бырчала** этишинин кош мамилеси.

**БЫРЧАЛОО бырчала** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЫКСУУ бырыксы** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЫКСЫ** Быры чыгып чаңдоо, чаңы асманга чыгуу. *Үйдүн ичи бырыксып, быр айланып калды* (Сыдыкбеков).

**БЫРЫКСЫТ бырыксы** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРЫЛДА** Мурдун быр-быр эттирүү. *Бир убакта Койкүрөң Таноолору бырылдап* («Курманбек»). *Бырылдап сооронбостон салдым бүлүк* (Турусбеков).

**БЫРЫЛДАК** Мурдун бырылдатып көбүрөөк тарткан, быр-быр этип жүрүүгө үйрөнүп калган, көбүрөөк ыйлаган.

**БЫРЫЛДАТ бырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРЫЛДОО бырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЫН-ЧЫРЫН** Быркырап таш-талканы чыккан абал, быт-чыты чыккан, талкаланган, бузулган көрүнүш. *Бырын-чырын кылды.*

**БЫРЫҢ-БЫРЫҢ** Быр-быр эткен, мурдун шор тартып бышактаган абалды билдирүүдө колдонулат. *Бырың-бырың бышактоо.*

**БЫРЫҢДА** Бырың-бырың этүү, бышактап ыйлоо. *Кайын энеси бир жагынан бырыңдап ыйлап санаасын бөлөт* (Сасыкбаев).

**БЫРЫҢДАТ бырыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫРЫҢДОО бырыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫРЫСКЫ** *туурасы:* **бырыксы.**

**БЫРЫШ I** Бет-колдун, маңдайдын терилеринин кат-кат болуп из түшүп жыйрылган катмары, тырышкан из. *Татыбектин маңдайында калың-калың бырыштар турат* (Байтемиров). *Чачына ак кирип, бетин бырыш баскан эне уулуна жетине албай жалбарды* (Сасыкбаев). ‖ Кездемелердин, кийимдердин ж.б. бүктөлгөн уйпаланган, жыйрылган жери. *Көйнөктүн бырышы.*

**БЫРЫШ II** Бырыштуу абалга келүү, бети-баштын, дененин терилери жыйрылып, из түшүп, тырышкан, бүрүшүп-чүрүшкөн абалга келүү. *Айганыштын чоң маңдайы кээде бырыша, кээде жазыла калып жатты* (Байтемиров).

**БЫРЫШСЫЗ** Бырыш-тырышы жок. *Жашайлы шаттанып, Бырышсыз болсун бет* (Токтомушев).

**БЫРЫШТУУ** Бырышы жыш, бырыш баскан. *Бырыштуу кабагы кыймылдай түштү* (Сасыкбаев).

**БЫРЫШТЫР бырыш** этишинин аркылуу мамилеси. *Алымбай маңдайын бырыштырып, жоошугансып күңк этет* (Сыдыкбеков).

**БЫРЫШЧААК** Бырышкан, бырыш-тырыштуу, тез бырыша турган. *Бырышчаак кездеме.*

**БЫСМЫЛДА бисмилла** менен бирдей. *Мына муну бысмылда деп тутуп, сындырбай алып жүр* (Элебаев).

**БЫТ-ЧЫТ** Бырын-чырын, быркырап талкаланган, бөлүндү-бөлүндү. *Балта тийип ал дөңгөч, Быт-чыт болуп бөлүндү* («Эр Төштүк»). ‖ Чакчелекей, будун-чаң, баш аламан. *Оюм быт-чыт, акылым бир жерге токтобойт* (Каимов).

**БЫТ-ЧЫТЫН ЧЫГАРУУ** Чакчелекей кылуу, ойронун чыгаруу, биротоло кыйратуу, талкалоо, бүлдүрүү. *Айла болсо, азыр көңүлдөгү болгон кусасынын быт-чытын чыгаргысы келди* (Байтемиров). *Жалаң ушул Фрунзенин деми бизге көп күч берип, басмачылардын быт-чытын чыгардык* (Эсенкожоев).

**БЫТБЫЛДЫК** *туурасы:* **бытпылдык.**

**БЫТИЕ** 1. Аң-сезимге көз карандысыз жашоочу материя, жаратылыш, объективдүү реалдуулук. 2. Коомдун материалдык турмуш шарттарынын жыйындысы.

**БЫТКЫЛ** 1. Кокту сыяктанып, майда жылга болуп кеткен оюк жер, адыр-бүдүр болуп кеткен жыбыт. *Уламдан-улам мен көрбөгөн быткылдар пайда болууда* (Жантөшев). *Адыр-күдүр быткылга Айдап кирди жылкыны* («Эр Төштүк»). 2. *диал.* Үстү тегизирээк же оюгураак келген дөбө.

**БЫТКЫЛДУУ** Быткылдары бар, быткылы көп. *Быткылдуу жер.*

**БЫТМЫГЫЙ** Былтыйган коюу.

**БЫТМЫЙ** Былтыйган коюу, бытмыгый, кайсынысы эмне экени билинбей аралашып калган. *Бытмый болуп калуу. Бытмый ботко.*

**БЫТМЫЙТ бытмый** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫТПЫЛ** Бытпылдык. *Күн бою бир бөдөнө бытпыл уруп, Ал дагы түн түшкөндө калды тынып* (Бөкөнбаев).

**БЫТПЫЛДЫК** 1. Бөдөнөнүн сайрагандагы дабышын, чыгарган үнүн билдирүүдө колдонулат. *Бөдөнөнүн үйү жок, кайда болсо бытпылдык* (макал). 2. *өт.* Бөдөнө. *Бытпылдык учуп бырпырап* (Элебаев).

**БЫТПЫЛДЫКТА** Бытпылдык-бытпылдык деп сайроо. *Аңызда бөдөнөлөр бытпылдыктап, чымчыктар чыйпылдайт* (Баялинов).

**БЫТПЫЛДЫКТОО бытпылдыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫТЫ-ЧЫТЫ** Баш аламан, иретсиз, чалды-куйду чаташкан, чакчелекей, быт-чыт. *Капсалаң алдындагы быты-чыты, ийри-*

*буйру цифраларды түшүргөн жарты баракты бүктөдү* (Бейшеналиев).

**БЫТЫГЫЙ** Кичинекей, бытыйган. *Бытыгый кол. Бытыгый мурун.*

**БЫТЫЙ** Кичинекей, сүйкүмдүү көрүнүштө болуу. *Бермет бытыйып ойноп отурат.*

**БЫТЫРА I** 1. Патронго салынып дүрмөттөлүп, атканда чачылып барып тийүүчү майда шарчалар түрүндөгү ок. *Бытыра менен октоо. Бытыра тийүү.* 2. *диал.* Майда боорсок.

**БЫТЫРА II** 1. Туш-тушка тароо, алдыалдынан бирин-экиндеп бөлүнүп кетүү, чачырап бөлүнүү. *Бир аздан кийин баарыбыз бытырап тарай баштадык* (Элебаев). *Кармаша албай дит багып, Канчалар качкан бытырап* («Манас»). *Душмандар көчөнү көздөй бытырап качып калышты* (Сасыкбаев). 2. Иретсиз, жыйнактуу эмес чачкын абалда болуу. *Үйдүн ичи бытырап жатат* (Абдукаримов).

**БЫТЫРАНДЫ** Бытырап чачылган, чачкын, бөлүндү-бөлүндү. *Революцияга чейин кыргыз эли бытыранды көчмөндүү эл болгон. Бытыранды чарба.*

**БЫТЫРАТ бытыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Кубалап каздын баарын бытыратты* (Үмөталиев).

**БЫТЫРОО бытыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЧ** 1. Бир нерсе тигүүгө ыйгарылган материалды керектүү формага салып, өлчөмүнө ылайыктап кесүү. *Бүбүш бирөөнүн алып келген буюмун каалагандай бычып, көңүлдөгүдөй тигип, устаттыгы менен элге атыккан эле* (Таштемиров). 2. Биттөө, энин алып салуу. *Козу менен кочкорду Баарын бычып саламын* («Манас»). 3. Белгилүү бир көрүнүштүн төлөм акысын, наркын белгилөө, кесим кылуу. *Алар калыңын бычып, кабарын угуп кел дешип кайта жөнөтөт* (Убукеев). *Анда мунун кунун бычып койгула* (Жантөшев). *Сиз менин акымды азыр бычпаңыз* (Жантөшев).

**БЫЧАГЫ ТАШ КЕСИП ТУРГАН** Болуптолуп, күчүнө келип, айтканы айткандай болуп турган өткүр кези деген мааниде. *Баягы бычагы таш кесип турган күлгүн убагы кайда дейсиң?* (Көчкөнов).

**БЫЧАК** 1. Кесүү үчүн колдонулуучу миздүү, сабы бар курал. *Маки, бычактарын чыгарып, дасторкон үстүнө таштап, эттин келишин күтүштү* (Убукеев). 2. Толук бышып жетиле элек чөп, эгин. *Көйкөлгөн бычак чөп экен.* («Манас» С.О.).

**БЫЧАК МИЗИН ЖАЛАТУУ** Ант берүү, касам ичүү маанисинде. *Бычак мизин жалатып, кызык кылган дүнүйө* (Көчкөнов).

**БЫЧАК СЫРТЫ** Аз эле, анча-мынча, бир аз гана, кичине эле. *Былтыркыга караганда быйыл абалы эң кур дегенде бычак сырты өйдөбү?* (Кыдырмышев). *Мен сага караганда аларга бычак сырты жакындык кылам* («Ала-Тоо»). **В.: Бычак мизи.** *Караны көтөрө чалып мактап, бычак мизи жакындыгын көргөзүп отурду* (Осмоналиев).

**БЫЧАК УЧУ** Бычак акысы (бычактан пайдалангандыгы үчүн) берилүүчү нерсе.

**БЫЧАККА ЖАРОО** Союуга, соё тургандай абалга жетип калуу. *Бир кыркар кара козу бычакка жарап калган* (Көчкөнов).

**БЫЧАККА ИЛИНЕР** 1. Союуга эптеп жарай тургандай, анча арык эмес, эти түзүгүрөөк. *Ошонун ичинен бир бычакка илинери табылбайбы? Куркурөгөн күздө бычакка илинер малы жок* (Үмөталиев). *Эл тарагыча бычакка илинер малдарынан кол жууду* (Осмоналиев). 2. Эптеп бир нерсеге арзый турган. *Бычакка илинери ушул экен* («Ала-Тоо»).

**БЫЧАККА САП БОЛГУДАЙ** Бир нерсеге жарай турган, жөндөмдүү, тың, бышык, колунан бир нерсе келе турган. *Алардын ичинде бычакка сап болгудай эч кимиси жок экен* (Көчкөнов). – *Аке, элде кандай жигиттер бар? Бир бычакка сап болчудайы чыга турганбы? – деп сурады Мусулманкул* (Касымбеков). **В.: Бычакка саптык.** *Бычакка саптык уулум жок, Кайгырып жашым төгүлдү* («Эр Табылды»). *Баатырдын тукумунан бычакка саптык бир бала чыкпайбы?* (Сыдыкбеков). **Камчыга саптык.** *Ымтыраган иттер, камчыга саптык бири жок! – деп корбашы каарданып жатты* («Ала-Тоо»).

**БЫЧАККА ТҮШҮҮ** Өлбөгөн жерде калуу, жаны кашайып, өлүмдөн да кайра тартпоо. *Антсек Күрүчбек бычакка түшөт го! Түгүн каматабы малынын* (Осмоналиев). *Башка бирөө анын ордунда болсо, арданып бычакка түшмөк, Момун капарына алып да койбойт* (Айтматов). *Бир нерсе десе, өзү айткандай бычакка түшүүдөн да кайра тартпачудай түрү бар* (Медетов). **В.: Бычакка урунуу.** *Өңалеттен кетип, бычакка уруна албай турган Сайра, баягы кыз кезиндегидей өткүр сүйлөдү* (Саатов).

**БЫЧАКСЫЗ СОЮУ** Акырын жымсалдап, жылмалатып айткан сөз аркылуу катуу уят кылуу, сөзгө жыгып, өчүн алуу. – Ээ, *бу куу Шер бычаксыз сойду го, ыя?!* (Касымбеков).

**БЫЧАКТА** Бычак менен саюу, бычак менен уруу, бычак салуу, бычак колдонуу. *Бычактап өлтүрүү.*

**БЫЧАКТАЙ ТИЙҮҮ** 1. Өтө катуу таасир этүү, жанына батуу, намысына келтирүү. *Бул сөз жеке ал эмес, далайына бычактай тиет* (Ашымбаев). *Тамашага жооткоткону менен алардын айткандары мага бычактай тийди* («Ала-Тоо»). 2. Жакпай калуу, терс таасир этип козгоп коюу (көбүнчө тамак-аштын жагыштуу болбой калышына карата). *Сурсүгөн эт экен,*

*ашказанга бычактай тийди.*

**БЫЧАКТАТ бычакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЧАКТАШ** 1. **Бычакта** этишинин кош мамилеси. 2. Бирин-бири бычак менен сайышуу, бычак түрүндөгү куралдар менен сайышуу. *Бычакташып калуу. Бычакташып катуу жарадар болуу.*

**БЫЧАКТАШТЫР бычакташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЧАКТАШУУ бычакташ** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЧАКТОО бычакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЧАКТУУ** Бычагы бар. *Эт – бычактуунуку* (макал).

**БЫЧАКТЫН МИЗИНДЕ** Өтө оор абалда, кыйынчылыкта, кысталышта (көбүнчө катуу ооруган, башына чоң кырсык түшкөн мезгилге ж.б. карата). *Бирок аба, иш ооп калды... Мен бычактын мизинде турам* (Жантөшев). **В.: Бычактын учунда.** *Өздөрү бычактын учунда турганын сезген жүзү каралар изин башка жакка салышты* (Жантөшев).

**БЫЧАН** *диал.* 1. Чөп. *Омурткасын оркойтуп, Жайлай бычан чапканы* (Каралаев). 2. Бышып жетпеген, көк. *Ой жагы жетилип калыптыр, жогору жактары али бычан бойдон экен* (Байтемиров).

**БЫЧМАЛ** Бычылган, биттелген. *Бычмал ноопаз.*

**БЫЧМАЛЫ бычмачы** менен бирдей.

**БЫЧМАЧЫ** Кийим бычуучу. *Бычмачы болуп иштөө.*

**БЫЧТЫР быч** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫЧУУ быч** этишинин кыймыл атоочу. *Булгаарыны бычуу жумуштары.*

**БЫЧЫЛ быч** этишинин туюк мамилеси. *Адылдын кийимдери жакшы бычылып, жакшы тигилген* (Сыдыкбеков).

**БЫЧЫМ** 1. Бычуу үлгүсү, форма. *Кийгениң спорт бычымындагы ачык күрөң жакшынакай костюм экен* («Ала-Тоо»). 2. Турпат, келбет. *Бир көргөн көзгө сырт бычымы жылдыздуу, өзү да тири карак адам болчудай* (Сыдыкбеков).

**БЫЧЫН бычым** менен бирдей. Турпат, сырткы көрүнүш. *Ак түйгүндүн бычыны (Фольк).*

**БЫЧЫНЫ ЖОК** Ыгы жок, колунан эч нерсе келбеген, даремети жок, начар. – *Шилте! У! Бычыны жок десе!... Шилте-е!.,.* (Касымбеков).

**БЫЧЫР** Бир нерсенин кычырай талкаланып сынганын, бырксыраганын билдирүүдө колдонулат. *Бычыр этип айнек сынды.*

**БЫЧЫРА** Майдаланып талкалануу, күкүмдөнүү, бычыр этип быркыроо, кыйроо. *Терезенин айнектеринин сыныктары бычырап жерде жатат.*

**БЫЧЫРАТ бычыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Бирден бычыратты чыныларды* (Шүкүрбеков).

**БЫЧЫРОО бычыра** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫЧЫШ быч** этишинин кош мамилеси.

**БЫШ I** 1. Кайноо, кууруу, ысык өткөрүү ж. б. аркылуу жешке жароо, даяр болуу. *Тоо текенин эти шылынып бат эле бышты* (Сасыкбаев). 2. Өсүмдүктөр, жемиштер, мөмөлөр жетилип оруп-жыюуга, жешке ж.б. даяр болуу. *Буудай бышып болуптур, Жакыптар көөнү толуптур* («Манас»). *Жергеси толгон калың бак Жемиши бышып эңкейген* (Бөкөнбаев). 3. Такшалып жетилүү, машыгуу, үйрөнүп бышыгуу, чыныгуу. *Эмгекке бышып көнгөн биздин дене* (Шамшиев). 4. Жетилүү, толуу, учуру болуу. *Балам, оң толгооң бышып калыптыр* (Сыдыкбеков). 5. Кайгыруу, капалануу, жапа чегүү, күйгүлтүк тартуу. *Күйүп, бышып чок болду, Перинин кызы Айсалкын* («Эр Төштүк»).

**БЫШ II** 1. Кымызга жаңы сүт куйганда же майды бөлүп алууда бишкек менен ургулоо. *Батийна күлдүр-күлдүр, күп-күп саба бышып турган* (Сыдыкбеков). *Бурчта сүт быша турган күбү* (Жантөшев). 2. Малып алуу, саюу. *Найзалап бышып өлтүрдү, Арачачы энемди* («Мендирман»).

**БЫШ III быш-быш** Демиккенде, дем алганда күш-күш этип чыккан сыяктуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Шарипке тып эткен табыш, быш эткен шыбыш угулбайт* (Бейшеналиев).

**БЫШ ЭТПӨӨ** Тоотпоо, сезип да койбоо, көңүл бурбоо. *Алымкул чоң капта тирелип турган унду быш этпей ордунан жылдырып көтөргөндө, элдин баары таң калышты* («Ала-Тоо»). **В.: Быш деп койбоо.** *Бул эле дейсиңби, андан да катуу шылдың, кордоолорго бышы кулак болгон Жаркынбай ызага тебеленмек турсун, быш деп да койгон жок* (Бейшеналиев).

**БЫШАК: бышак-бышак** Мурдун быш-быш эттире, шуулдата тартып ыйлаганын, бышандаганын билдирүүдө колдонулат. *Бышак-бышак ыйлап кирүү.*

**БЫШАКТА** Бышак-бышак этүү, бышандоо. *Алда бирөөнүн бышактап ыйлаганы угулат* (Сыдыкбеков). *Бурмаке байкуш кошо ыйлайт, Мурдун тартып бышактап* (Осмонкул).

**БЫШАКТАТ бышакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫШАКТОО бышакта** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШАЛАК** Өтө сары, быштайган. *Бышалак сары.*

**БЫШАҢ I** Көбүнчө жылкынын тумшугуна, жаагына салынган эн, тамга. *Жума атты токтото коюп, качандыр бир убак-*

*та жараланган бышаңын кармалады* (Жантөшев).

**БЫШАҢ II** *диал.* Кымыз куюлган чаначтын байланган оозуна өткөрүлүп коюлуучу тыгын, таякча. *Бышаң салып байлоо.*

**БЫШАҢ III: бышаң-бышаң** Бышактап ыйлоону, бышак-бышак эткен абалды билдирүүдө колдонулат. *Чоң атасы Жакып бай Кара күчкө бышаң-бышаң ыйлады* («Семетей»).

**БЫШАНДА** Бышаң-бышаң этип ыйлоо, бышактоо. *Каныбектин жаш балача бышаңдап ыйлаганы угулат* (Жантөшев).

**БЫШАНДАТ бышанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫШАНДОО бышанда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШАР** Нымдалышкан ысыкта, сууда ж. б. көбүрөөк болуудан дененин эти, териси, салаалар агарып, агыш тартып кетүү. *Беш күн сууда калган өңдүү Бети-башы бышарып* (Токомбаев).

**БЫШАРТ бышар** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫШАРУУ бышар** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШКЫР** 1. Кошкурук аткандай же чүчкүрүп жиберген сыяктуу таноо аркылуу дирилдете кыска катуу жел чыгаруу. *Алдындагы аттары бышкырып, башын чулгуп, ылаалап, куйругу менен анда-санда жан жагын ургулайт* (Баялинов). 2. Күлкүсүн токтото албай, демин мурдунан катуу чыгарып бырс этип күлүп жиберүү. *Арт жактан кимдир бирөө күлкүсүн токтото албай, бышкырып жиберди* (Сыдыкбеков).

**БЫШКЫРТ бышкыр** этишинин аркылуу мамилеси. *Аттар чымын чиркейден ылаалап, мурундарын бышкыртып токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов).

**БЫШКЫРУУ бышкыр** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШКЫРЫК** Бышкыргандагы чыккан дабыш. *Аттардын бышкырыгы, жүгөндөрүнүн шарактаганы күңүрт угулду* (Абдукаримов).

**БЫШКЫРЫК АТУУ** Жакын жолотпоо, бой салбоо, моюн сунбоо, теңине албоо. *А балким, тентиген немеден бышкырык атып качаар* (Бейшеналиев). *Демейде бышкырык атып кыйгачтаган Ира Шариптин жанына келди* («Ала-Тоо»).

**БЫШКЫРЫН бышкыр** этишинин туюк мамилеси. *Аттар тез бышкырынып тек гана магдырашат* (Айтматов).

**БЫШМАН бушайман** менен бирдей. *Алдатып койсоң залимге Акыры болот бышманың* (Осмонкул).

**БЫШМАНА бушайман** менен бирдей. *Көргөн жан болду бышмана* («Манас» С.К.).

**БЫШМЫЙ** *туурасы:* **мышмый.**

**БЫШТАЙ** Сапсары болуп көрүнүү. *Тазабек быштайган сары киши* (Сыдыкбеков).

**БЫШТАЙТ быштай** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫШТАК** Ириген сүттү кайнатып, сары суусунан бөлүнүп алынган коюу зат, азык. *Эжигей, быштак, куруту Элет көчмөн кыргыздын Касиеттүү тамагы* (Тоголок Молдо).

**БЫШТАН** (ак быштан) Ээрге салынган көрпөчөнүн үстүнөн бастыра турган бастырма, ичке тасма. *Аюу көпчүк, ак быштан Азамат аты көрүнөт* («Сейтек»). *Мыктальп быштан тартышып.* («Манас» С.О.).

**БЫШТЫ** Төрт жашар жылкы. *Жаңы бышты, жазга асый. Жандан күлүк Койкүрөң* («Курманбек»). // Бодо малдарга карата төрт жашар экендигин билдирүүдө колдонулат. *Ылдый карап басканда, Бышты өгүздөй зоңкоюп* (Осмонкул).

**БЫШУУ I быш I** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШУУ II быш II** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШШ** Эликтөөдө, шылдыңдоодо колдонулат. *Быш, сенин таякең Мукаш жинди* (Сыдыкбеков).

**БЫШЫ КУЛАК БОЛУУ** Көп ирет уга берип көндүм болуп калуу (мис. жемени, тилди), айтылган кепке чычалабай же анчалык маани бербей кайдыгер болуп калуу, тоотпой калуу. *Дөгүрсүгөн манаптардан мындай сөздү мурда да эшитип быши кулак болгон Тыныбек тырчыган жок* (Бейшеналиев). *Күйөө баласынын мындай орунсуз сөздөрүнө ал быши кулак болуп калган* (Айтматов). *Жарынын ач айкырыгына баштатан быши кулак болуп бүтүп калганбы, деги өйдө карабады* (Касымбеков). *Жедеп быши кулак болгон Андрей камырабайт* (Сасыкбаев).

**БЫШЫГУУ бышык II** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШЫК I** 1. Бышкан, бышып жетилген, чийки эмес. *Чийки болсо бышырам, Бышык болсо күйгүзөм* (Тоголок Молдо). 2. Бекем, мыкты, сапаты жакшы. *Окоро түйгөн ак нокто, Тайторуга чак нокто, Бышыгын тандап катты эми* («Сейтек»). 3. Өз боюна тың, турмушка чыдамдуу, чыйрак. *Өсөр да Андрейден бетер токтоо, эмгекке бышык* (Сасыкбаев). 4. *такт.* Сөзсүз, шексиз. *Негизинен ата-эненин таалими балдарга чоң таасир этери бышык* («Кыргызстан аялдары»).

**БЫШЫК II** Такшалуу, тың болуу, көнүгүп-дасыгуу. *Андрей ысык менен суукка жедеп бышыгып, кагылып болуптур* (Сасыкбаев). *Каныбек бир топ кагылып, бышыгып калды* (Жантөшев).

**БЫШЫКСЫН** Өзүн өзү кыйынмын деп эсептөө, мыктысынуу, тыңсынуу. *Машина*

*деген ушул, байбиче, – деп оң жагында олтурган эркек өзү араң келе жатса да бышыксынып койду* (Сыдыкбеков).

**БЫШЫКСЫНУУ бышыксын** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШЫКТА** 1. Бек кылуу, бекемдөө, мыктылоо, чың, бышык болуу. *Ырастап жүгүн арттырды, Бышыктап аркан тарттырды* («Эр Төштүк»). 2. Тактоо, аныктап билүү. *Мен айтканды унутпа, макулбу, садагасы? – деп дагы бир жолу бышыктап сурады* (Абдукаримов). // Кайталоо, кайталап даярдануу. *өткөн сабактарыбызды дагы бир ирет бышыктап өтөлүчү, – деди окутуучу* («Ала-Тоо»).

**БЫШЫКТАЛ бышыкта** этишинин туюк мамилеси.

**БЫШЫКТАТ бышыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**БЫШЫКТОО бышыкта** этишинин кыймыл атоочу. *Ушул өзгөчөлүктү окуучуларга дагы бир жолу бышыктоо үчүн Сеитова пионерлерди чакырды* (Сыдыкбеков).

**БЫШЫКТООЧ** Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин, максатын билдирген айкындооч мүчө.

**БЫШЫКТЫК** 1. Бекемдик, бек болгондук, мыктылык. *Койлордун ар бир тал жүнүнүн ичке жана бышыктыгын айтып өтүштү* (Жантөшев). 2. Тыкандык, чыйрактык, тыңдык.

**БЫШЫКЧЫЛЫК** Эгин-тегин, жер-жемиш бышкан, түшүм алынган мезгил. *Бышыкчылыктын алды башталып, мөмөлөр мөлтүрөп, кыштакты көрккө чыгарган кез эле* (Бөкөнбаев).

**БЫШЫЛДА** Быш-быш этүү. *Атазак бай бышылдап кирип келди* (Абдукаримов).

**БЫШЫЛДОО бышылда** этишинин кыймыл атоочу.

**БЫШЫЛУУ** 1. Бышылган. *Кымыз бышылуу турат.* 2. Бышып даяр болгон, бышкан. *Бышылуу тамактын күйүтү жаман* (макал).

**БЫШЫМ: аш бышым *же* эт бышым** Асылган тамактын бышып, даяр болгонго чейинки убакыт өлчөмү. *Ордунан жылбагансып турса дагы, Капкайда аш бышымда барып жетет* (Маликов). *Эт бышымга зыркырап Ыйлап турду буркурап* («Мендирман»).

**БЫШЫР** 1. Бышкан абалга жеткирүү. *Чийки эт койбой салгыла Бүт бышырып алгыла* («Эр Табылды»). *Отту үйлөп жанды азапка салбайбыз Плиткага бышырабыз тамакты*

# В

**В** *к.* **вэ.**

**ВА-БАНК** 1. Карта оюнунда ортодогу акчага (**к.** *банк*²) барабар сайыш коюп ойноо. 2. *өт.* Баарына кайыл болуп тобокелге баруу.

**ВАГОН** Паровоз, тепловоз, электровоздорго, поездге чиркелип, жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн ылайыкташтырылган составдык бөлүкчөлөр. *Плацкарттуу вагон. // Орто жашка келген аял биздин вагонго түштү* (Бөкөнбаев). // Жүк ташуучу вагонго сыйган жүктүн көлөмү, чени. *Эки вагон көмүр.*

**ВАГОН-РЕСТОРАН** Алыскы сапарга жол тарткан поезддин ресторан жайгашкан вагону.

**ВАГОНЕТКА** Кууш колеялуу темир жол же асма жол менен жүрүүчү жүк ташуу үчүн жасалган кичине вагон же платформа. *Кара алтын жүктөлгөн вагонеткалар термеле зуулдап өтүп жатат* (Сасыкбаев). *Вагонетка асма жол аркылуу кайра клетти көздөй зырылдап келе жатты* (Сасыкбаев).

**ВАГРАНКА** Чоюнду, түстүү металлдарды эритүү жана ар түрдүү материалдарды бышыруу үчүн колдонулуучу шахта меши.

**ВАЖИП** Ислам дининин жоболорунда милдеттүү түрдө аткарыла турган эреже. *Эгер өлгөндү уккан адамдардын, жаки көргөн адамдардын дааратьы жок болсо, жаки зарыл жумуштары болсо, ал убакта, араларынан бирөөнү жаназага дайындап жиберсе да, «важип, мустахап» болот* (Жантөшев).

**ВАЗА** Жемиштерди, гүлдөрдү ж.б. салууга арналган же кооздук үчүн коюлуучу идиш. *Мектептин залында вазаларга түркүн гүлдөр өстүрүлүп, терезелерге да коюлган* («Жаш ленинчи»).

**ВАЗВАЗ** *диал.* 1. Кездеме сатуучу, кездеме сатып соода жүргүзүүчү. *Сардар вазваздын дүкөнү өрттөнүп, андагы сегиз миң кезден ашык ар түрдүү шайылары, баркыты, чыты күлгө айланды* (Абдукаримов). 2. Кездеме сатылуучу кичине дүкөн.

**ВАЗЕЛИН** Медицинада, техникада, косметикада колдонулуучу нефтиден иштелип алынган май. *Косметикалык вазелин. Техникалык вазелин.*

**ВАЗИЙПА** Милдет, ыйык милдет, борч. *Милдетин, вазийпасын өтөп бүтүп, Өлгөндө көргө кирбей кирет күүгө* (Өмүрканов).

**ВАЗИР** Чыгыштын бир катар өлкөлөрүндөгү жогорку мансаптуу адам, падышанын кеңешчиси, мамлекеттик кеңешчи. ‖ Хандын, падышанын акыл, кеңеш берип туруучу кишиси. *Адыл ханга Мендирман Вазир болгон болучу* («Мендирман»).

**ВАЗИРЛИК** Вазирдин милдети, вазирдин кызмат абалы. *Вазирликке дайындоо, Башкы вазирлик.*

**ВАЗИФА** **вазийпа** менен бирдей. *Кайып улуктун алдыга койгон жаңы вазифасын чын жүрөктөн кабыл алган* (Сасыкбаев).

**ВАЗМИН** *диал.* Кулагы катуураак, кулагы басмырт. *Кулагы вазмин, катуураак сүйлөмөйүнчө укпайт.*

**ВАЗОН** Ичине гүл өстүрүлүүчү карапа.

**ВАЙ** Чочуганда, ооруксунганда ж.б. колдонулат. *Вай! Сен кимсиң?*

**ВАКАНСИЯ** Мекемелерде, ишканаларда кишиси али алына элек же дайындала элек бош орун. *Эки вакансия бар. Вакансияны ээлөө.* ‖ Окуу жайларда окуучулар үчүн бош орун.

**ВАКАНТТЫК** Али орду ээлене элек, дайындала элек, бош (кызмат орду жөнүндө). *Ваканттык орундарга конкурс жарыялоо. Ваканттык орундарды ээлөө.*

**ВАКИЛ** *эск.* Өкүл. *Кыргыздар вакилдер жиберишип олтурушат* («Эркин Тоо»).

**ВАКУОЛЬ** Жаныбар жана өсүмдүк клеткасынын цитоплазмасындагы суюктук түрүндөгү көңдөйчөлөр.

**ВАКУП** Кандайдыр бир адамдын дин мекемесине сый кылып берген же осуят кылып калтырган мүлкү. Ал мүлктүн кирешеси гана пайдаланылышы керек, сатууга укук жок.

**ВАКУУМ** Эч нерсе өткөрбөй турган прибордун же идиштин ичиндеги абасы же газы чыгарылып ташталган же абдан сейректелген боштук.

**ВАКХАНАЛИЯ** 1. Вакхка – ичкиликтин жана көңүл ачуунун кудайына арналган байыркы гректердин жана байыркы римдиктердин майрамдары. 2. *өт.* Ашыра чектен тыш ичкиликтүү жыйын.

**ВАКЦИНА** Ооруну кабыл албоого ыла-

йыктап тирүү же чала жан микробдордон жана алардын уу заттарынан даярдалган эмдөөчү суюктук, дары. *Көк жөтөлдү эмдөө көк жөтөлдүн өлтүрүлгөн микробдорунан даярдалган вакцина менен жүргүзүлөт* («Ден соолук»). *Бодо малга вакцина куюлуп, төлү жылыга эмделген чарбаларда бруцеллез байкалбаган* («Айыл чарба»).

**ВАКЦИНАЛОО** *мед.* Организм жугуштуу ооруларды тоотпоо үчүн алдын ала вакциналар менен эмдөө.

**ВАЛ** Ар түрдүү механизмдердин огунда айлануучу жана аны менен туташкан тетиктерди кыймылга келтирүүчү стержени, өзөгү.

**ВАЛЕНТТҮҮ** Водородго карата белгилүү бир өлчөмдөгү пропорцияда башка элементтин атомдору менен кошула ала турган жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүдө колдонулат. *Эки валенттүү, көп валенттүү.*

**ВАЛЕНТТҮҮЛҮК** 1. Атомдордун химиялык байланыштарды түзүүгө жарамдуулугу, жөндөмдүүлүгү. *Туруктуу валенттүүлүк. Өзгөрүлмө валенттүүлүк.* 2. Сөздөрдүн синтаксистик байланыштарды түзүүгө ийкемдүүлүгү.

**ВАЛЕОЛОГИЯ** Медицина менен педагогиканын адамдын жеке ден соолугун комплекстүү изилдөө максатын көздөгөн багыты.

**ВАЛЕРИАНА** Борбордук нерв системасынын кызматын жайлатып, тынчтандыруучу, мышык тамыр чөбүнөн алынган дары.

**ВАЛИДОЛ** Изовалериан кислотасынын метил эфиринин отуз проценттүү ментол эритмеси. Стенокардия, жүрөктүн невроз оорусунда жүрөк айланып, кускусу келе баштаганда колдонулуучу дары.

**ВАЛИК** 1. Кичинекей биликче. 2. Үн жазууга арналган фонографтын цилиндри. 3. Шып, дубалдарды актоого, сырдоого арналган сырты жумшак кездеме менен капталган айланма аспап.

**ВАЛОКОРДИН** Жүрөк тез согуп, сайгылап ооруганда иче турган дары.

**ВАЛОРИЗАЦИЯ** Товардын наркын же кагаз акчанын курсун жогорулатууга кызмат кылчу мамлекеттик иш-чаралардын жыйындысы.

**ВАЛТОРНА** Ооз жагы кең, үйлөй турган жагы ичке келип, жез трубадан спираль түрүндө ийип жасалган музыкалык үйлөмө аспап. *Валторнада ойноо.*

**ВАЛТОРНИСТ** Валторнада ойноочу музыкант.

**ВАЛЬВАЦИЯ** Чет өлкө валютасынын наркын улуттук акчалай бирдиктерде аныктоо.

**ВАЛЬС** Жай салмак менен тегеренип бийлөөчү бий жана анын музыкасы. *Жанболот менен Айша радио ойногон вальска кошулуп бийледи* (Шимеев). *Баятадан вальсты кулжутуп жаткан оркестр дароо токтоду* («Ленинчил жаш»).

**ВАЛЮТА** 1. Кандайдыр бир мамлекеттин акча системасынын негизине алынган акча бирдиги (сом, доллар, евро, марка, франк ж. б.) 2. Эл аралык рынокто колдонула турган чет өлкөлүк акчалар (кредит билеттери, монеталар ж.б.) ошондой эле эл аралык эсептешүүлөрдө пайдалана турган кымбат баалуу металл жана башка байлыктар.

**ВАЛЮТА КУРСУ** Бир өлкөнүн акча бирдигинин башка өлкөнүн акча бирдигине көрсөтүлгөн баасы.

**ВАЛЮТЧИК** Чет өлкөлөрдүн акча бирдиктерин алмаштыруучу адам.

**ВАМПИР** 1. *миф.* Европа калктарынын ишенимине караганда түнкүсү көрүнөн чыгып, адамдардын канын соргон өлгөн адамдын сөлөкөтү. 2. *зоол.* Түштүк Америкада, Антиль аралдарында жашаган, канаттуу, жаныбар каны менен азыктанган, адамга кол салган ири жарганаттардын түрү.

**ВАНАДИЙ** Жогорку сорттогу болотту даярдоодо колдонулуучу ачык боз түстөгү катуу металл, химиялык элемент.

**ВАНДАЛ** 1. Рим империясынын бир бөлүгүн басып алуу менен аны кыйроого, талоонго учураткан байыркы германдык уруу. 2. *өт.* Маданий байлыктарды талкалоочу, кыйратуучу. || Маданиятсыз, билимсиз наадан адам.

**ВАНДАЛИЗМ** Маданият жана искусство эстеликтерин, байлыктарын ырайымсыздык менен талкалоочулук, жок кылуучулук, бүлдүрүүчүлүк.

**ВАНИЛИН** Кулинарияда колдонулуучу аромат татым.

**ВАННА** 1. Суу толтуруп жуунууга, киринүүгө ылайыкталып жасалган дагыра. *Жураев ваннадан чыкканча күндүн көзү жадырады* (Сасыкбаев). || Иштетилүүчү буюмдарды же башка нерселерди ичине салып чөмүлтүү үчүн ылайыкталып, ичине ар кандай суюктук толтурулган ар түрдүү формадагы жана чондуктагы идиш же жай. *Эми койлор мурдагыдай ваннага кол менен чөмүлтүлбөйт* («Айыл чарбасы»). 2. Ушундай суу толтургучка дарылануу максатында жуунуу, түшүү процесси. 3.Таза абанын, күндүн нурунун ж. б. таасири астында дарылануу, денени чыңоо процедурасы. *Күндүн ваннасы дарылагыч фактор да болуп кызмат кылат* («Ден соолук»). *Аба ваннасы адамды чыңдайт* («Ден соолук»).

**ВАННАЛУУ** Ваннасы бар, ванна орнотулган. *Бизге костюм бериңиз, – деди Жукөш, ванналуу бөлмөнүн катарындагы терезеден башын созуп* (Сасыкбаев).

**ВАРА** Көрпө. *Башың сындуу көрүнөт, Кара вара бөрк менен* (Барпы).

**ВАРВАР** 1. Байыркы гректердин, рим-

диктердин чет жерлик баскынчыларга барк албастык менен жектөө, кодулоо иретинде койгон аты. 2. *өт.* Маданиятсыз, билимсиз киши. ‖ Орой, каардуу, ырайымсыз, наадан киши.

**ВАРВАРДЫК** Маданиятсыздык, ойройлук, наадандык. *Варвардык тартип.*

**ВАРВАРИЗМ** Белгилүү бир тилде учуроочу четтен кирген сөздөр.

**ВАРВАРЧЫЛЫК** 1. Баскынчылык, бирөөнүн жерин эч кандай эреже, этикеттик норма сактабай басып алуу. 2. Оройлук, наадандык, мыкаачылык.

**ВАРЕНИК** Камырдын ичине быштак салып, аны жарым тоголок кылып бүгүп чапташтырып, кайнатылып бышырылган тамактын түрү.

**ВАРЕНЬЕ** Кант, бал кошулуп кайнатылган жемиш. *Дизентерия менен ооруган балага варенье берүүгө болот* («Кыргызстан аялдары»). *Мусабек чайына вареньеден салып, Сергейге астыртан карап күлдү* (Абдумомунов).

**ВАРИАНТ** 1. Бир нерсенин бир аз өзгөчөлөнгөн, айырмаланган экинчи бир түрү, көрүнүшү. 2. Адабий, музыкалык ж. б. чыгарманын же анын бир бөлүмүнүн экинчисинен айырмаланган бир түрү. *Китеп Актан Тыныбековдун варианты боюнча кайрадан басылды* («Эр Табылды»). 3. Шахмат оюнунда шартка жараша ар кандай жүрүштөрдү жасоо мүмкүнчүлүгү. *Дебюттук вариант.*

**ВАРИАЦИЯ** 1. Негизи сакталып калуу менен бир нерсенин кээ бир элементтериндеги, бөлүктөрүндөгү өзгөрүүчүлүк. 2. Негизги өзөгү, темасы түрлүүчө деңгээлде, формада өзгөртүлүп кайталанган же кайрадан иштелип чыккан музыкалык чыгарма, бий ж. б.

**ВАРИКОЗ** *мед.* Кан тамыры өзгөрүшкө учурап, кеңейип, кан айлануусу бузулуп, тамырды сыртка тебүүсү.

**ВАРИКОЗИС** Вена тамырынын көлөмүнүн кеңейген оорусу.

**ВАРРАНТ** Товардын ээсине товарын кампага өткөрүү учурунда берилүүчү документ. 2. Ишеним берүүчүнүн атынан укук ченемдүү иш-аракет жасоого берилген ишеним кат.

**ВАССА** Жарым тоголок устун, шып менен балканын ортосундагы аралыктарды толтуруу үчүн колдонулат. *Вассалардагы каухар шам чырактай жаркырап күйүп турат. Бала айран-таң калып төркү үйгө кирсе перидей сулуу кыз отурат* («Кыргыз эл жомоктору»).

**ВАССАЛ** 1. Орто кылымда Батыш Европадагы ири феодалга көз каранды болгон жер ээлөөчү феодал. 2. *өт.* Башкага көз каранды болгон, баш ийген киши же мамлекет. *Империализмдин вассалдары.*

**ВАССАЛАМУ: вассаламу валейкум Ассалоом алейкум** менен бирдей.

**ВАССАЛДЫК** 1. **вассал** дегенге таандык. *Вассалдык абал.* 2. Саясий-экономикалык жактан көз карандылык, баш ийүүчүлүк.

**ВАТЕРПОЛИСТ** *спорт.* Ватерполдо ойноочу оюнчу.

**ВАТЕРПОЛО** *спорт.* Топту сууда сүзүп жүрүп ойноочу спорт оюнунун бир түрү. *Ватерполо боюнча республикалык биринчилик.*

**ВАТИН** Түктүү кылып, бошураак токулган, көбүнчө сырт кийимдердин ичине кебез ордуна жылуулук үчүн салынуучу нерсе.

**ВАТМАН** Сүрөт тартууга, же ар кандай чиймелерди сызууга ылайыктуу жогорку сапаттагы кагаз.

**ВАТРУШКА** Тегереги кичине жогору кайрылып, ортосу быштак же варенье менен жабылган нан.

**ВАТТ** Электр тогунун кубатын өлчөө бирдиги. *100 ватт кубаттуулугундагы лампочка.*

**ВАТТ-СААТ** Кубаттуулугу бир ватт болгон электр тогунун бир сааттын ичинде аткарган жумушуна тең келген өлчөө бирдиги.

**ВАТТМЕТР** Электр тогунун кубаттуулугун өлчөөчү курал.

**ВАУЧЕР** Мамлекеттик менчикти менчиктештирүүдө менчиктин бир бөлүгүнө укукту ырастоочу баалуу кагаз. 2. Товарлардын, тейлөө кызматтарынын акысы төлөнгөндүгүн ырастаган документ. 3. Көрсөткөн кишинин кайсы бир тейлөө кызматын пайдаланууга акысы бар экендигин тастыктаган документ.

**ВАФЛЯ** Бетине чакмак так түшүрүлүп арасына крем салынып жасалган жука катқат печенье.

**ВАХ** Өх же ах. Эмоцияны же маанайды берет. *Вах, кандай керемет коздук!.*

**ВАХТА** 1. Кемеде коопсуздукту сактоо үчүн белгилүү постто үзгүлтүксүз турууну талап кыла турган күзөтүү ишинин өзгөчө түрү жана белгилүү бир сменанын экинчи смена келгенге чейин ушундай күзөтүүнү аткарып жаткан мөөнөтү. 2. *өт.* Өзгөчө бир нерсеге арналып же белгилүү бир максат үчүн шыктануучулук менен иштелген, аткарылган эмгек, иш. *Эмгек вахтасы. Тынчтыктын вахтасы.* ‖ *Вахтасында тынчтыктын, Турганга кимдер сүйүнбөйт* (Осмонкул).

**ВАХТЁР** Мекеменин кезметтеги күзөтчүсү. *Вахтёр Арундан кагазды алды да, өтө бергиле дегенсип жаңдап, ичкери жакка колун шилтеди* (Таштемиров).

**ВАХХАБИЗМ** XVIII кылымда пайда болгон исламдын диний-саясаттык, реакциондук агымы.

**ВАХХАБИТ** Ваххабизмди колдоочу адам.

**ВАХШИ** 1. Жапайы киши, киши кийик. 2. Жапайы айбанат.

**ВЕБ-УСТА** *комп.* Берилген компьютерде

Web-сервердин иштешине жооптуу адам.

**ВЕГЕТАРИАНЧЫЛЫК** Эт жебей, өсүмдүк жана сүт азыктары менен тамактануучулук.

**ВЕДОМОСТЬ** 1. Кандайдыр бир маалыматтардын жыйынтыгын билдирүүчү маалыматтык тизме. *Отчёттук ведомость. Эмгек акынын ведомосту.* 2. Журнал сыяктуу мезгил-мезгили менен чыгып туруучу кээ бир кабарлардын наамы. *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосту.*

**ВЕДОМСТВО** Мамлекетти башкаруунун тармагы жана ошол тармакты тейлөөчү мекемелердин системасы. *Согуштук ведомство.*

**ВЕДУТА** *сүр.* Көркөм өнөр тарыхында-шаардын же белгилүү бир аймактын жалпы сүрөттөлүшүн чагылдырылган пейзаждык жанр чыгармасы.

**ВЕЕР** Жарым тегерек болуп ачылма кол желдеткич.

**ВЕЗДЕХОД** Бардык жерде, өтүүгө кыйын же жолсуз жерлерде жүрүүгө ылайыкталган автоунаа.

**ВЕКСЕЛЬ** Көрсөтүлгөн мөөнөттө белгиленген суммадагы акчаны төлөө жөнүндө кагаз жүзүндө берилген милдеттенме документ.

**ВЕКТОР** 1. Багыты белгиленген кесинди түз сызык. 2. Сан жагынан гана эмес, алган багытын билүү аркылуу сыпатталган чоңдук (мис. Ылдамдыктын, күчтүн).

**ВЕЛОБОЛ** Команда болуп велосипед менен топ ойноочу спорттун бир түрү.

**ВЕЛОДРОМ** Велосипед жарыштыруучу атайын жолдору бар аянтча.

**ВЕЛОДРОМ, ВЕЛОТРЕК** Велосипед спорту боюнча мелдештер өтүүчү ачык же жабык курулуш.

**ВЕЛОМАГИСТРАЛЬ** Велосипеддер жарышуу үчүн жолдун магистралы.

**ВЕЛОМЕХАНИК** Велосипедди оңдоочу механик, адис.

**ВЕЛОРАЛЛИ** Велосипед спортунун көп күндүк жарышы.

**ВЕЛОСИПЕД** Бут менен кыймылга келүүчү эки же үч дөңгөлөктүү машина. *Велосипед тебүү. Велосипедде жарышуу.*

**ВЕЛОСИПЕДИСТ** Велосипедди жакшы тепкен, велосипед спортуна катышып жүргөн адам.

**ВЕЛОСИПЕДЧИ велосипедист** менен бирдей. *Мыкты велосипедчи. Велосипедчилердин жарышына катышуу.*

**ВЕЛОТРЕК** *спорт.* Велосипед менен жарышууга ыңгайланып салынган, айланма жолу бар атайын курулуш жай.

**ВЕЛОТУРИЗМ** Велосипед менен саякат кылуучу спорт түрү.

**ВЕЛЬВЕТ** Өң тарабы кыска жана жыш түгү бар, кебезден жасалган жол-жол болгон кездеме.

**ВЕЛЮР** 1. Майда, жумшак кыска түгү бар драп, кездеменин түрү. 2. Баркыт түрүндөй жасалган булгаары. *Драп-велюр.*

**ВЕНА** Жүрөккө кан жүгүртүп туруучу көк кан тамыр. *«Тез жардам» келгиче келиндин вена тамырына кан куйду* (Каимов).

**ВЕНГЕР к. Венгерлер.**

**ВЕНГЕРКА I** *к.* **венгерлер.**

**ВЕНГЕРКА II** Кыймылы жана күүсү негизинен венгр элинин бийине таандык болгон балдык бий жана анын музыкасы.

**ВЕНГЕРЛЕР** *же* **ВЕНГРЛЕР** *ж. с.* венгер, венгерка, венгр. Венгер Эл Республикасынын негизги калкы.

**ВЕНГР** *к.* **венгерлер.**

**ВЕНЕРИК** Жугуштуу жыныс оорусу менен ооруган адам.

**ВЕНЕРИКАЛЫК ООРУЛАР** Көбүнчө жыныстык катышуу аркылуу жуга турган жугуштуу оорулар.

**ВЕНЕРОЛОГ** Венерология оорулары боюнча адис, врач.

**ВЕНЕРОЛОГИЯ** Жыныс органдары аркылуу өтүүчү жугуштуу ооруларды изилдөөчү медицина илиминин бөлүмү.

**ВЕНОК** Ар түрдүү гүлдөрдөн, бутактардан кооздоп жасалган тегерек түрмөк. *Лавр веногу. Венок коюу.*

**ВЕНТИЛЯТОР** Имараттардын, бөлмөнүн абасын жаңыртуу, желдетүү үчүн колдонулуучу прибор, желдеткич.

**ВЕНТИЛЯЦИЯ** 1. Жабык имараттардын абасын алмаштыруу, жаңыртуу, желдетүү. *Вентиляция жүргүзүү.* 2. Имараттагы абаны алмаштыруу, жаңыртуу системасы. *Шахтага вентиляция орнотуу.*

**ВЕРАНДА** Үйгө кошулуп салынган, терезеленген же ачык жай. *Маликтер отурган верандадан шагы ийилген кызыл алмалар, мөмөлөрү салаңдаган жүзүмдөр көрүнүп турду* («Ленинчил жаш»).

**ВЕРАНДАЛУУ** Верандасы бар. *Верандалуу үй.*

**ВЕРБОВКА** Кишилерди кандайдыр бир ишке тартуу.

**ВЕРДИКТ** Күнөөлүү же күнөөсүз экендиги тууралуу чыгарылган присяждык отурумдун өкүмү.

**ВЕРЛИБР** Ырдын сабында басымдын, муундун саны эсептелбеген эркин ыр.

**ВЕРМИШЕЛЬ** Фабрикада даярдалган кургатылган кесменин бир сорту.

**ВЕРМУТ** Кээ бир чөптөрдүн ширеси кошулуп жүзүмдөн тартылган вино, ичимдик.

**ВЕРНИСАЖ** *сүр.* 1. Лакировка же жалтыратуу. 2. Атайын чакырылган гана адамдар, сүрөтчүлөр, сынчылар, коомчулук өкүлдөр ж.б.) катышкан көргөзмөнүн жабык кароосу же мындай кароо өткөрүлбөгөндө көрүүчүлөрдүн кеңири массасына арналган көргөзмөнүн ачылган биринчи

күнү.

**ВЕРСИФИКАЦИЯ** *адаб.* Ыр жазууда же жаратууда белгилүү бир ыктардын жана эрежелердин ситемасын колдонуу.

**ВЕРСИЯ** Кандайдыр бир окуя же факт жөнүндө болгон түрдүүчө айтылган түшүндүрүүнүн же жазылган маалыматтын бири.

**ВЕРСТАК** Жыгачтан, металлдан кол менен бир нерсе жасаганда аны кыпчытып, бекитип коюучу жасалгасы бар жумуш столу. *Володя таятасынын верстагында жыгач устачылык кылуучу* (Баялинов).

**ВЕРСТКА** Терилип, корректурасы окулгандан кийинки, талап кылынган форматка салынган текст.

**ВЕРТИКАЛЬ** Тике, тик сызык.

**ВЕРТОЛЁТ** Тик жогору көтөрүлүп жана төмөн түшө ала турган, абада асып койгондой бир орунда турууга жөндөмдүү учуучу аппарат. *Атайын чакырылган вертолёт менен апамды Фрунзеге жөнөттүк, – деди Жеңиш* («Жаш ленинчи»).

**ВЕРТУШКА** 1. Ар кандай түрдө айланууга ылайыкталган аспап. 2. Түз байланышууга ылайыкталган ички телефон. 3. Эки пункттун ортосунда жүргөн поезд. 3. Вертолёт.

**ВЕРФЬ** Кемелерди куруучу жана ремонттоочу өндүрүш ишканасы.

**ВЕСТИБЮЛЬ** Коомдук чоң имараттардын кире беришиндеги кең бөлмө. *Биз театрдын вестибюлунда басып, артисттердин сүрөттөрүн көрүп жүрдүк* (Шимеев). *Кенен вестибюлдун ар кайсы жеринде кирүү экзамендеринин расписаниелери илинген* (Бейшеналиев).

**ВЕСТНИК** Кээ бир мезгил-мезгили менен чыгып туруучу басма сөз кабарлары. *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вестниги.*

**ВЕТЕРАН** 1. Эски (мурдагы) жоокер. *Граждандык согуштун ветераны. Ата Мекендик согуштун ветерандары.* 2. Кандайдыр бир ишке көп эмгек сиңирген, тажрыйбалуу эски кызматкер, ишмер. *Илимдин ветераны. // Эмгектин ветерандары коомдук турмушта чоң жардам көрсөтө алышат.*

**ВЕТЕРИНАР** Ветеринария боюнча адис.

**ВЕТЕРИНАРДЫК** **ветеринария** дегенге таандык. *Ветеринардык врач. Ветеринардык техникум.*

**ВЕТЕРИНАРИЯ** 1. Малдын оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илимдердин системасы. 2. Малдын ооруларын дарылоо жана ал ооруларды болтурбоо максатында алдын алуу.

**ВЕТО** 1. Кандайдыр бир чечимге укуктук бийлиги бар органдын жазма же оозеки тыюу салуусу. 2. БУУнун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөлөрүнүн бир пикирде болуу принцибин кээде вето укугу деп аташат.

**ВЕТРОВКА** Шамалдан коргоочу, тыгыз кездемеден жасалган, капюшону бар жеңил куртка.

**ВЕТРЯНКА I** Жел аркылуу жугуучу оспа оорусу.

**ВЕТРЯНКА II** Жел аркылуу айланган тегирмен.

**ВЕЯЛКА** Бастырылган эгинди тазалай турган айыл чарба машинасы. *Кырманга түшкөн кызылдарды веялкадан өткөрүп ала берүү жумуштары гана калды* (Убукеев).

**ВЗВОД** Пехотадагы, кавалериядагы, артиллериядагы ж.б. кичирээк аскер бөлүгү. *Аскерлер взвод-взвод болуп катарга туруп жатышат* («Ала-Too»). *Взводдун командири жаныбыздан өттү* («Ала-Тоо»).

**ВЗВОДДУК** **взвод** дегенге таандык. *Взводдук командир.*

**ВИАЛЕТ** *туурасы:* **вилает.** Өлкө, область, аймак. *Ар виалеттеги бектер Мусулманкулду колдоп кетишти, Мусулманкул ордону алды* (Касымбеков).

**ВИБРАТОР** *тех.* Аспаптын же аппараттын бир калыпта электромагниттүү, механикалык ж.б. термелип турган бөлүк.

**ВИБРАЦИЯ** 1. *тех.* Кандайдыр бир нерсенин ыргактуу термелүү кыймылы. 2. *муз.* Музыкалык аспаптарды ойногондо же үн чыгарганда добуштун дирилдеп чыгуусу.

**ВИБРИОЗ** Негизинен уй, койдун жугуштуу ыланы.

**ВИБРИОНДОР** Үтүр сымал ийри формадагы бактериялар.

**ВИВАРИЙ** Тажрыйба үчүн керектелинүүчү айбандар багылуучу жай.

**ВИДЕО** *тех.* Көрмө (магниттик аппараттар аркылуу түрлүү образдар жасалып, көрсөтө турган техникалык куралдардын катышуусу менен бирге келген сөздүн биринчи бөлүгү).

**ВИДЕО-АРТ** *сүр.* 1960-ж.эксперименттик изилдөө нугунда пайда болгон заманбап көркөм искусствонун формаларынын бири.

**ВИДЕОДИСК** Көрмө табак, көрмө жазылган жогорку сапаттагы чоң эмес пластикалык тегеректе.

**ВИДЕОМАГНИТОФОН** *тех.* Көрмө магнитофон, көрмө тасмага жазылгандарды көрүүгө мүмкүндүк түзүүчү аппарат.

**ВИДЕОПЛЕЕР** *тех.* Көрмө плеер (көрмө тасмалардан даярдалган көркөм фильмдерди көрсөтүүгө арналган түрмө кассеталуу көрмө магнитофон).

**ВИДЕОРОЛИК** *тех.* Көрмө тасмага жазылган чоң эмес сюжет же музыкалык чыгарма.

**ВИДЕОСИГНАЛ** Телеграфия жана телекөрсөтүү системасында көрсөтүүчү электр сигналы.

**ВИДЕОТЕКА** Көрмө жазууларды чогултуу жана сактоочу жай.

**ВИДЕОТЕЛЕФОН** *тех.* Көрмө телефон, алыстан сүйлөшкөн кишинин кебетесин көрүп туруучу аппарат.

**ВИДЕОФРАГМЕНТ** Кандайдыр бир телеберүүнү камтыган видеожазуунун үзүндүсү.

**ВИЗА** 1. Мамлекетке келүүгө, же кетүүгө же ал мамлекеттин территориясы аркылуу өтүү үчүн атайын өкмөт тарабынан уруксат берилүү. 2. Көзөмөлдөө, каттоодон өткөрүү ж.б. максаттарда кызмат адамына көрсөтүп, күбөлөө үчүн документке коюлган белги.

**ВИЗАЖИСТ** Бетти күтүүдө же ага ылайыктап чачты жасоо, бет боёгун тандоо жана боёонун адиси.

**ВИЗИТ** Көбүнчө официалдуу түрдө кимдир бирөөнүн белгилүү жайда кыска мөөнөт менен болуусу.

**ВИЗИТКА** Адамдын аты-жөнү, кыскача дайын-дареги көрсөтүлгөн картача.

**ВИКА** Тоют буурчак өсүмдүгү. *Сулуга вика аралаштырып себүү, чарбага чоң пайда келтириши мүмкүн* («Айыл чарба»). *Дан өсүмдүктөрүнө: сулу, жүгөрү, арпа, вика, соя кирет* («Айыл чарба»).

**ВИКТОРИНА** Түрлүүчө темага байланыштуу суроолорго оозеки же жазуу жүзүндө жооп берип ойнолуучу оюн. *Адабияттык викторина. Музыкалык викторина.*

**ВИЛАЕТ** Өлкө, аймак, область.

**ВИЛКА** 1. Тууралган же коюу тамактарды сузуп, сайып жеш үчүн айрынын формасындай кылып жасалган ашкана буюму. 2. Шахмат оюнунда, бир фигура бир мезгилде эки же андан көп фигурага коркунуч келтирген абал. *Атты жүрсөң вилка болот. Вилка коюу.*

**ВИЛЛА** Шаар сыртындагы кооз жана жасалгалуу үй, дача.

**ВИНЕГРЕТ** 1. Ар түрдүү жашылчалардан майдалап туурап уксус, май ж.б. кошулуп жасалган салат түрү. 2. *өт.* Ар кошкон, иретсиз, аралашма, чалмакей.

**ВИНО** Жүзүмдүн, ар кандай жемиштердин ширесинен тартылган ичкилик, шарап. *Винону ушинтип ичишет экен го дегенсип, Жийдегүл күлүмсүрөп олтурду* (Сасыкбаев).

**ВИНТ** 1. Айлана буралып кеткен издүү сайы бар бурама. 2. Пароходдун, самолёттун кыймылдаткыч механизминдеги айланып туруучу валга бекитилген калак түрүндөгү бир бөлүгү.

**ВИНЬЕТКА** *сүр.* Китеп графикасында декоративдик максаттагы анча чоң эмес композиция.

**ВИОЛЕНЧЕЛЬ** Скрипка түзүлүшүндөгү бирок андан чоңураак төрт кылдуу музыкалык аспап.

**ВИОЛОНЧЕЛИСТ** Виоленчелде ойноочу музыкант.

**ВИРТУОЗ** Өз искусствосунун техникасын чебер билген адис (көбүнчө музыканттарга карата). // Өз ишинде жогорку даражадагы машыккандыкка, чеберчиликке жетишкен киши.

**ВИРТУОЗДУК** **виртуоз** дегенге таандык. *Ал комузду виртуоздук менен аткарат.*

**ВИРУС** Жугуштуу ооруларды козгоочу, оптикалык микроскоп аркылуу гана көрүнгөн же көрүнбөгөн өтө майда микроорганизм. *Ооруну вирустар бар булганч суудан же кир кол аркылуу жугузуп алуусу мүмкүн* («Ден соолук»).

**ВИРУСОЛОГИЯ** Вирустар жөнүндөгү илим.

**ВИРУСТУУЛУК** Соо организмде тумоолоткуч вирустар сактала бериши жана көпкө дейре сыртка чыгып, чөйрөнү булгашы.

**ВИСКИ** АКШ жана Англияда дан өсүмдүктөрдөн жасалган күчтүү алкоголдук ичимдик.

**ВИСКОЗА** Целлюлозадан атайын жолдор менен иштетилип алынып, жасалма була жана целофан даярдап чыгарууда колдонулуучу зат.

**ВИСМУТ** 1. Оңой эрий турган эритмелерди, кошундуларды алууда пайдаланылуучу кызгылтым ак түстөгү морт металл, химиялык элемент. 2. Ушул элементтен даярдалган, иштетилген дарылык зат.

**ВИТАМИН** Адамдардын жана жаныбарлардын организминдеги заттардын алмашуусу жана нормалдуу иштеши үчүн зарыл түрдө керектелүүчү ар түрдүү химиялык составдан турган органикалык зат. *Балда витаминдер көп болот* («Ден соолук»). *Жашылчалар адамдын организми үчүн, өтө пайдалуу витаминдерге бай* («Кыргызстан аялдары»). || Ушул заттардан атайын лабораторияда, фабрикада иштетилип жасалган препарат. *С витамини. А витамини.*

**ВИТАМИНДҮҮ** Составында витамини көп, витаминге бай. *Ар бир сүт кухнясында: кант татытылган ынак сүт, витаминдүү суусундуктар, кефир жана каймак даярдалат* («Кыргызстан аялдары»). *Балдар күнүнө беш маал витаминдүү тамак ичишет.*

**ВИТАМИНДҮҮЛҮҮК** Тамак-аштын, тоюттун организмге керектүү азыктарга каныктыгы.

**ВИТРАЖ** Терезе, терезенин рамасы. Эшик менен терезелердин тематика боюнча ар түрдүү чиймеленип коозддолгон, сүрөттөлгөн айнеги.

**ВИТРИНА** 1. Дүкөндөрдө ар түрдүү товарларды көрсөтүүгө коюу үчүн ылайыкталып жасалган атайын жай. *Витринада бардык товарлардын үлгүлөрү коюлган.* 2. Музей экспонаттарын көрсөтүү үчүн, же башка нерселерди элдин көрүп туруусуна коюу үчүн айнектелип жасалган үкөк, шкаф. *Кенен вестибюлдун ар кайсы жеринде витриналарга кирүү экзамендеринин*

*расписаниелери илинген* (Бейшеналиев).

**ВИЦЕ** Татаал сөздөрдүн орун басар, жардамчы деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү. Мис.: *вице-губернатор, вице-консул, вице-президент.*

**ВИЦЕ-АДМИРАЛ** Контр-адмирал менен адмиралдын ортосундагы аскердик наам жана ошондой наамы бар адам.

**ВИЧ/СПИД** Адамда иммунитет таңсыктыгы. *ВИЧ/СПИДди жуктуруп алгандыгына байланыштуу моралдык жана мүлк жагынан зыян тарткан адамдар учурайт* (ЖК Жарчысы).

**ВКЛЕЙКА** *сүр.* Китепти көркөм жасалгалоодо китептин беттеринин арасындагы чапталган, өзүнчө оттиск менен аткарылган, оюлган сүрөт же репродукция.

**ВОДЕВИЛЬ** *адаб.* Музыканын, ырдын, бийдин коштоосунда аткарылуучу шайыр жана күлкүлүү чакан пьесалар.

**ВОДОЛАЗ** **суучул** менен бирдей. *Көлдөн чыккан водолаздай, Кементайын чечинди* (Токомбаев).

**ВОДОПРОВОД** Өнөр жай объектилерине жана калктарга суу менен камсыз кылуу үчүн курулган система. *Түгөл айыл-кыштактарды текши водопроводдун суусу менен камсыз кылууну эңсейт* (Бейшеналиев).

**ВОДОРОД** Түзсүз, жыты жок, даамы жок, күйүүчү, кычкылтек менен кошулганда суу пайда болуучу химиялык элемент. *Жалбырактагы суу водородго жана кислородго ажырай тургандыгы атомдордун методу менен аныкталган* («Дарвинизм негиздери»).

**ВОДОРОД БОМБАСЫ** Водороддун атомунун ядролук энергиясын пайдаланууга негизделген аракеттеги зор жарылуу күчү бар снаряд, атомдук бомбанын бир түрү.

**ВОДОРОДДУК** **водород** дегенге тандык. *Водороддук алож.* ‖ Курамында водороду бар. *Водороддук бирикмелер.*

**ВОЕНКОМ** 1. *сүйл.* Аскер комиссары. *Арызданып улам барып, Военкомдон сурадым* (Нуркамал). 2. *сүйл.* Военкомат, аскер комиссариаты. *Военкомдо жаш лейтенант анкет менен сурады* (Токомбаев).

**ВОЕНКОМАТ** *сүйл.* Аскер комиссариаты. *Бул арада Субанкулду да кайта-кайта военкоматка чакырып, комиссиялап калды* (Айтматов).

**ВОЖАТЫЙ** 1. Жол баштоочу, жол көрсөтүүчү. 2. Совет доорунда пионер отрядынын же дружинасынын жетекчиси, башчысы. *Окуучуларды тарбиялоодо пионер вожатыйдын ролу чоң* («Коммунист»). *Биринчи звенонун вожатыйы рапорт бергин! – деди отряд советинин председатели* (Сыдыкбеков).

**ВОЖЖИ** **божу** менен бирдей. *Арабакеч вожжисин, силке таштап, аттарын айдап, эки жакка каранган* (Сыдыкбеков).

**ВОКАЛДЫК КВАРТЕТ** *муз.* 1. Төрт ырчынын ансамбли, эркектер үнү: эки тенор, баритон жана бас; аялдар: эки сопрано, меццо-сопрано жана контральто. 2. Төрт ырчы үчүн жазылган чыгарма.

**ВОКАЛДЫК** Ыр ырдоого байланыштуу. *Вокалдык искусство. Вокалдык аткаруу: Вокалдык музыка.*

**ВОКАЛИЗ** *муз.* Үндүү тыбыштар менен ырдоого арналган музыкалык чыгарма.

**ВОКАЛИСТ** Кесипкөй ырчы.

**ВОКЗАЛ** Пристанда, темир жол станцияларында ж.б. жүргүнчүлөрдү тейлөө үчүн курулган үй, имарат. *Машина вокзалга чукул келип токтоду* (Каимов). *Студенттер Казань вокзалынан Асылды тосуп чыгышты* (Сасыкбаев).

**ВОЛЕЙБОЛ** Топту керилген тордон бир команда экинчи командага кол менен ашыра уруп ойноочу белгилүү эрежеси бар спорттук оюн. *Саат үчтө волейбол ойнойбуз* (Бейшеналиев). *Жумуштан кийин трактористтер сыртта волейбол ойноп жатышты* (Абдумомунов).

**ВОЛЕЙБОЛДУК** **волейбол** дегенге тандык. *Волейболдук команда.*

**ВОЛЕЙБОЛИСТ** Волейболдо ойноочу, волейболдо ойногон оюнчу. *Биздин мектептин волейболисттери.*

**ВОЛЕЙБОЛЧУ** **волейболист** менен бирдей.

**ВОЛНОМЕР** Электромагниттин чайпалуусунун тездигин же толкундун узундугун өлчөөчү прибор.

**ВОЛОНТЁР** 1. Бир катар мамлекеттерде (Америка Кошмо Штаттары, Улуубритания, Франция, Италия, ж.б.) аскер кызматына өз эрки менен киришкен адамдар. 2. Экономикасы төмөн же согуш азабын, ачарчылык чегип жаткан элдерге өз эрки менен билим берүү, ден соолук, диний ж.б. боюнча гуманитардык жардам көрсөтүүчү адам, адис.

**ВОЛОСТЬ** Революцияга чейин жана СССРде 1929–30-жылдарда райондоштурулганга чейинки уезддин курамына киргизилген административдик-территориялык бирдик, бөлүнүш.

**ВОЛЬТ** Электр тогунун чыңалуусун өлчөө бирдиги.

**ВОЛЬТ-АМПЕР** Өзгөрүлмө электр тогунун чынжырында ток менен чыңалуунун арасында фазалык жылышуу бурчу болгон учурдагы толук кубаттуулукту өлчөөнүн бирдиги.

**ВОЛЬТОМЕТР** Электр тогунун күчүн химиялык аракети боюнча өлчөөчү аспап.

**ВОЛЬФРАМ** Кыйындык менен эрүүчү күмүш түстөгү ак металл, химиялык элемент.

**ВОЛЬФРАМИТ** Катуу болоттун өзгөчө сортун даярдоодо колдонулуучу минерал.

**ВОЛЮНТАРИЗМ** *филос.* Коомдун кыймылдаткыч күчү жана дүйнөнүн түпкү жашоо себеби адам эркинде деп жарыялаган философиялык көз караш.

**ВРАЧ** Медициналык жогорку билими бар адис. *Айылдан келген көп кыздар врач болуу – адамдын өмүрүн сактоо, ыйык кесип экенин жаңылбай тандашкан* (Бейшеналиев). *Дежурный врач көз айнек тартынган балкайган аял экен* (Байтемиров).

**ВУЗ** *сүйл.* Жогорку окуу жайы. *Карачы нечен ВУЗ, нечен мектеп, Ичинде жаштар окуйт миңдеп-миңдеп* (Нуркамал).

**ВУЛКАН** *к.* **жанар тоо.**

**ВУЛКАНДЫК вулкан** дегенге таандык. *Вулкандык жер титирөө. Вулкандык тоо тектери.*

**ВУЛКАНОЛОГИЯ** Вулкандык кубулуштарды изилдөөчү физикалык география менен геологиянын бир бөлүмү.

**ВУЛЬГАРДУУ** Одоно, уят, адепси.

**ВУЛЬГАРИЗМ** Адабий речтин нормасына туура келбеген одоно, уят сөздөр.

**ВУНДЕРКИНД** Өзгөчөлөнгөн күчтүү жөндөмгө эгедер бала.

**ВЫМПЕЛ** 1. Сүзүп жүргөн согуш кораблинин кайсы мамлекетке, улутка таандык экендигин билгизүүчү, уч жагы ачаланып кеткен ичке узун желек. ‖ Үч бурчтуу же ичке узун желек, желекче. 2. Самолёттон жерге ар кандай кабарларды, маалыматтарды, газеталарды ж. б. таштоочу ачык түстөгү узун ичке лентасы бар кутуча.

**ВЭ** «В» тамгасынын аталышы.

# Г

**Г** *к.* **гэ.**

**ГА** Гектар деген сөздүн кыскартылганы.

**ГАБАРДИН** Жүндөн токулган пальтолук, костюмдук кездеменин сорту.

**ГАБАРИТ** 1. Нерселердин (вагондун, машинанын ж.б.) жалпы сырткы өлчөмдүк чеги, көрүнүшү. 2. Темир жолдун рельстеринен белгилүү алыстыкта турган аралык. Бул аралыкка эч кандай курулуш салууга болбойт.

**ГАБИТУС** Организмдердин сырткы көрүнүшү, түрү, турпаты жана анын сырткы көрүнүшүндөгү белгилердин жалпы жыйындысы, дене түзүлүшүндөгү мүнөздүү тиби.

**ГАВАНЬ** Деңиздин, көлдүн, дарыянын жээгиндеги толкундан, шамалдан тосулган кеме токтоого ылайыктуу жай.

**ГАГА** Баалуу, жумшак тыбыттуу полярдык деңиз өрдөгү.

**ГАГАРА, ГАГАРКА** Түндүктө жашоочу калың жүндүү, сууда сүзүүчү ири куш.

**ГАГАТ** Мончок, шуру, мүштөк сыяктуу майда нерселерди жасоо үчүн колдонулуучу таш көмүрдүн бир түрү.

**ГАГАУЗДАР** Гагауз, гагаузка. Маданияты жагынан болгарларга жакын, Украина, Молдавияда жана Румыния менен Болгарияда жашоочу эл.

**ГАДЫМА** *диал.* Тоо боору менен кеткен жол, чыйыр.

**ГАЖАРЫ** *диал.* Түр салынып, колдо жасалган шалча.

**ГАЗ I** Мейкиндикте тез таралып кетүүчү, айрым бөлүкчөлөрүнүн бири-бири менен байланышы өтө бош аба түрүндөгү физикалык зат. *Күкүрттүү газ. Ууктурма газ. Уулуу газ.* // *Кээде башка противогаз, Газга каршы киемин* (Токомбаев). // Кыймылдаткыч күч катарында, жарык кылууда, отун катарында ж.б. максаттарда пайдалануучу аба түрүндөгү же буу сыяктуу күйүүчү заттын жалпы наамы. *Газ проводу аркылуу биздин республикабыздын борбору арзан отун менен камсыз кылынат* («Кыргызстан аялдары»).

**ГАЗ II** Жука үлпүлдөк жибек, жасалма жибектей иштелген жука кездеме.

**ГАЗА** Куш тута турган ыңгайлуу жер. *Эгиз тоодо газа бар, Эл ичинде таза бар* («Эл адабияты»).

**ГАЗАВАТ** *дин.* Мусулмандардын дин үчүн болгон ыйык согушу. *Басмачылар элди алдаш үчүн эле жалпы мусулмандар газаваты үчүн дешет* («Ала-Тоо»). *Газават – деген уруш эмеспи, азирети олуям?..* (Касымбеков).

**ГАЗАЛ ‖ КАЗАЛ** Чыгыш элдеринде эки сап ырдан он экиге чейинки саптуу строфадан түзүлгөн лирикалык ырлардын аталышы. *Мына газал, бу газал, Бу сөзүмө кулак сал!* (Молдо Кылыч). *Кулпурган дүйнө курсам кыялымда, Кудай ай, кудуретиң аядың да! Периштем, чарчап турам, чаңкап турам, Чөйчөгү махабаттын каягында!* (Хафиз).

**ГАЗДАЛ** Суюктукка газ берүү, газ берип иштетүү. *Газдалган суу.*

**ГАЗДАШТЫР** Газ энергиясы менен камсыз кылуу, отун катарында пайдалануу үчүн газ жеткирүү. *Турак үйлөрдү газдаштыра баштоо.*

**ГАЗДАШТЫРУУ газдаштыр** этишинин кыймыл атоочу. *Кыштактарды газдаштыруу. Өнөр жай ишканаларын газдаштыруу.*

**ГАЗДАШТЫРЫЛ газдаштыр** этишинин туюк мамилеси. *Райондун көпчүлүк кыштактары газдаштырылган.*

**ГАЗДУУ** 1. Газы бар, газы көп, газ чыккан. *Сапардын сунушу боюнча, шахтага коркунуч туулуп жаткан газдуу жер – өрт тилкеси жок кылынып, миңдеген тонна көмүр алына баштады* (Сасыкбаев). 2. Газ коюлган, газдаштырылган.

**ГАЗЕТ** *сүйл.* Газета. *Бир күнү газет келди, указ жүрөт, Бир башка болду белем түйлап жүрөк* (Үмөталиев). *Журнал, газеттерди үзбөй алат* (Сыдыкбеков). *Газетке чыкты макталып, Колхозго тийип жардамы* (Осмонкул).

**ГАЗЕТА** Илимий-популярдык, саясий, сын маанисиндеги макалаларды жана күндөлүк турмуштун ар кандай тармактарынан алынган жаңылыктарды басып, күн сайын же мезгил-мезгили менен чыгып туруучу чоң баракчалар түрүндөгү басма сөз органы. *Ондогон газета-журналдар эң көп тираждар менен чыгарылып, элге таркалып турат* («Жаш ленинчи»). *Кенен үйдүн ортосунда узун стол, үстү толо китеп, журнал, газеталар* (Бейшеналиев).

**ГАЗЕТАЛЫК газета** дегенге таандык. *Газеталык материал.*

**ГАЗЕТТИК** *сүйл.* Газеталык. *Газеттик макала.*

**ГАЗЕТЧИК** 1. Газета сатуучу. 2. *сүйл.* Газета кызматкери. *Азыр бизге демилгесиз*

*регистраторлор эмес, уюштуруучу газетчиктер керек.*

**ГАЗИФИКАТОР** Газдаштыруу боюнча адис.

**ГАЗИФИКАЦИЯ** 1. Күйүүчү катуу отундарды (таш көмүрдү, чым көндү, жыгач отунду, сланецти) жасалма жол менен күйүүчү газга айландыруу. 2. Өнөр жайларды, турак үйлөрдү жылытуу, жарык берүү максатында газ энергиясы менен камсыз кылуу.

**ГАЗОГЕНЕРАТОР** Катуу же суюк күйүүчү газга айландыруучу аппарат; генератордук газды өндүрүү жана иштеп чыгаруу үчүн өзгөчө жасалгаланган меш.

**ГАЗОГЕНЕРАТОРДУК** **газогенератор** дегенге таандык. *Газогенератордук жабдуулар.*

**ГАЗОМЕР** Газопровод трубалар аркылуу өткөн газдын көлөмүн жана чыгымдалганын өлчөөчү аспап; газ счётчиги.

**ГАЗОМЕТР** Ар түрдүү газдарды жыюуда, сактоодо жана алардын көлөмүн өлчөөдө колдонулуучу лабораториялык аспап.

**ГАЗОН** 1. Имараттардын алдында, скверлерде, бактардын арасында ж.б. атайын бөлүнгөн аянтчаларга эгилип, өскөндө үстү кыркылып туруучу көкмайсан чөп. *Төшөп койгон тукабадай газону.* 2. Ушундай чөп себилген аянтча. *Газондо жайы-кышы жашыл түсүн кулпунткан жаш балаты карагай, арчалар* (Бейшеналиев).

**ГАЗОПРОВОД** Газды бир жерден экинчи жерге жүргүзүүчү трубалардын системасы.

**ГАЙКА** Болтко кийгизилип бурап бекитиле турган, ортоңку көзөнөгүндө бурама сайы бар, ар түрдүү формадагы тетик.

**ГАЙМОРИТ** Өөдөкү ээк менен көздүн ортосундагы кобулдун ичиндеги былжырлуу кабыкчанын сезгенип оорушу.

**ГАЙЫН** Араб алфавитинде «г» тамгасынын аты. 1000 деген сандын ордуна жүрөт. *Ыткыызгы, айын-гайын үйрөткөн, Тилди толгоп, татаал сабак сүйлөткөн. Биле албаса, ашкеби деп токмоктоп, Жаш балдарды көк бөрүдөй сүйрөткөн* (Чоробаев).

**ГАЛА-КОНЦЕРТ** Чоң салтанаттуу концерт.

**ГАЛА-МАТЧ** Мелдештин жыйынтыктоочу матчты.

**ГАЛАКТИКА** *астр.* Жылдыздардын бирдиктүү системасы.

**ГАЛАКТИКАЛЫК** *астр.* **галактика** дегенге таандык.

**ГАЛА** Көк бөрү тартканда оюндун кызыган мезгили (гала топ). *Эл чакырып той кылып, кызыталы галаны* («Эл адабияты»).

**ГАЛАНТЕРЕЯ** Сумка, күзгү, тарак, мээлей, ийне-жип сыяктуу түрлүү майда буюмдар сатылуучу бөлүм жана ушундай товарлар менен болгон соодананын жалпы наамы.

**ГАЛАНТТУУ** Ашкере кылдат, сыпайы, ашыра сылык.

**ГАЛАТЫ** Кызык, укмуштуу. *Деги анын жалпы тагдырында кийинки жылдары алда кандай галаты-кызык окуялар даарып өткөн экен* (Жигитов) .

**ГАЛДАЙ** Токоч. *Таң атса берет бир галдай, Кеч кирсе берет бир галдай* (Барпы).

**ГАЛЕРЕЯ** 1. Эки имаратты кошуп, ошону бойлото кеткен узун, ичке, үстү жабык киши жүрүүчү, өтүүчү жай. ‖ Имараттын бет маңдайындагы үстү жабык, ичке, узун коридор же балкон. ‖ Эс алуу, сейилдеп жүрүү ж. б. үчүн жасалган үйдөн окчун, капталдары ачык же айнектелген узун ичке жай. 2. Театрдын, цирктин ж. б. жогорку ярусу. 3. Жер астындагы жумуштарды иштөөдө, согуштук курулуштардагы керектелүүчү жер астындагы узун, ичке жол. 4. Искусство чыгармаларынын көргөзмөсү үчүн ылайыкталып атайын жасалган имарат. *Галереянын ачылышы Кыргызстандын маданий турмушундагы чоң окуя болду* («Советтик Кыргызстан»). 5. *өт.* Узун тизмек. *Айтматовдук образдардын галереясы.*

**ГАЛИФЕ** Багелеги тар, тизеден жогорку эки капталы кең, өтүк менен кийүүчү шым. *Жашыл түстөгү сукнодон тигилген галифе шым* (Сыдыкбеков).

**ГАЛЛИЦИЗМ** Адабий чыгармаларда, оозеки, жазма кепте француз сөздөрүнүн колдонулушу. *Орусча жок анан кандай кылалы* (Пушкин).

**ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ** Мээ кызматынын абалы начарлоодон, козголуудан көрүү, угуу, туюу ж.б. сезимдеринин тышкы таасирлерге байланышпаган жалган элестерди кабыл алуусу, жөөлүү, көзгө ар нерселер көрүнүү, угулуу.

**ГАЛОГЕН** Менделеевдин мезгилдүү системасынын VII группасына тиешелүү болгон (фтор, хлор, бром же йод) табиятта туз түрүндө кездешүүчү химиялык элемент.

**ГАЛОИД** **галоген** менен бирдей.

**ГАЛОШ** Маасынын сыртынан, жаан-чачында бут кийимдердин сыртынан кийилүүчү, резинадан жасалган бут кийим. *Урумкан бутуна коңултак галош салып кичинекей каалгасынан чыга келди* (Бейшеналиев). *Баткак саздай чоюлуп, баскан сайын галош буттан суурулуп убара кылат* (Байтемиров).

**ГАЛСТУК** Көйнөктүн жакасынын астынан алынып, алкым жагынан түйүлүп же бант кылып байлануучу, бир учу ичке, бир учу жазыраак жасалган узун тилке материал. *Васильев көйнөгүнүн жакасына сур галстук байланып, боз коверкот костюмчан олтурат* (Бейшеналиев).

**ГАЛУШКИ** Камырды майдалап үзүп сүткө же сорпого бышырган украин элинин тамагы.

**ГАЛЬВАНИЗАЦИЯ** Туруктуу электр тогун медициналык же техникалык максатта колдонуу.

**ГАЛЬВАНОМЕТР** Күчсүз электр тогун өлчөөчү аспап (прибор).

**ГАЛЬВАНОСКОП** Туруктуу токту өлчөө менен багытын көрсөтүп туруучу өтө жөнөкөй прибор.

**ГАЛЬВАНОСТЕГИЯ** *хим. тех.* Буюмдарды коооздоо жана дат басуудан сактоо үчүн алардын үстүн электролиттик чөгөрүү жолу менен металлдардын (никел, хром, күмүш, алтын ж.б.) жука катмарлары менен чайкоо, жалатуу.

**ГАМАК** Таза абада эс алып жатууга, уктоого ылайыкталган тордон жасалган асма койка.

**ГАМАШ** Тизеге же томукка чейин жете турган токулган жылуу кийим, шымдын бир түрү.

**ГАМБИТ** Шахмат оюнунда батыраак чабуулга өтүү, активдүү позицияны ээлөө максаты менен пешкасын же фигурасын берип жолун ачып ойноо жолу. *Ферздик гамбит.*

**ГАМБУРГЕР** Арасында түрлүү кошмо салынган (эт, бифштекс, сыр, жашылча ж.б.) токоч, нан.

**ГАММА I** 1. Бир же бир нече октаванын ичинде үндөрдүн ырааты менен жогорулашы же төмөндөшү. 2. *өт.* Бир тектеш, бирок көп түргө өзгөрүүчү кубулуштардын, заттардын ырааттуу катары. *Түстөрдүн гаммасы.*

**ГАММА II** Грек алфавитинин үчүнчү тамгасынын аты.

**ГАНА** Чектөө, күчөтүү маанилерин билдирүүдө колдонулат. *Дизентерия менен ооруган балага сүттү уютуп, айран түрүндө гана берген жакшы* («Кыргызстан аялдары»). *Өмүр эмгекке, турмушка байланыштуу болсо гана кызык болот* (Сасыкбаев). *Кечээтен бери күн жаап, бүгүн түш оой гана басылды* (Баялинов).

**ГАНГРЕНА** Кандын туура эмес айлануусунан кандайдыр бир биологиялык ткандын, органдын же дененин кээ бир бөлүктөрүнүн жансызданып бузулушу.

**ГАНГСТЕР** АКШдагы бандиттердин, каракчылардын шайкасына, кесепкер тобуна катышуучу кишиге коюлган ат.

**ГАНГСТЕРИЗМ** *саяс.* Бир катар өлкөлөрдө адатта уюмдашкан кылмыштуулукка таандык болгон термин. Зордук-зомбулук, киши өлтүрүүчүлүк, опузалоо, коркутуу, сатып алуу ж.б. уюмдашкан кылмыш- туу ишаракеттер.

**ГАНДБОЛ** *спорт.* Топту кол менен ыргытып ойногон футбол сыяктуу спорт оюну.

**ГАНДБОЛИСТ** *спорт.* Гандболчу.

**ГАНДИЗМ** *филос.* Зомбулук кылбоонун негизинде боштондук үчүн күрөшүүгө элдин бардык катмарларын катыштыруу жолу менен согушсуз, эгемендүүлүккө жетишүү.

**ГАНИМ** Душман, жоо, кас; талоончу, уурулук кылуучу. *Өксүгү болот өлүмдүн, Зарпы болот залимдин, Кекенчи болот ганимдин* (Эл ыры).

**ГАНТЕЛЬ** Булчуңдарды чыңдоо көнүгүүлөрүн жасоодо колдонулуучу жумуру тутка менен бириктирилген эки чоюн шар. *Гантель менен көнүгүүлөр жосоо.*

**ГАРАЖ** Автомобилдер, мотоциклдер туруучу жана аларды ремонт кылуучу жай. *Шофер газикти обкомдун гаражына койгон* (Бейшеналиев).

**ГАРАНТ** Кепил, убада, ишенимге кепилдик берүүчү инсан, мамлекет жана анын органдары, мекеме, ишкана, фирмалар.

**ГАРАНТИЯ** 1. Кепилдик. Мыйзам же келишим менен алдын ала каралган милдеттенме, ошол милдеттенме боюнча юридикалык же жеке тарап кредиторлордун алдында кепил катары толук же жарым-жартылай жооп берет. 2. Чыгарган продукциясынын жакшы сапатына, белгилүү бир мөөнөткө чейинки иштешине, пайдаланууга боло тургандыгына ж.б. жактарынын милдетин алып, берилген убада, милдеткорлук. *Гарантия берүү. Бир жылдык гарантия менен сатуу.* 3. Ийгиликке жетишүүнүн ишенимдүү шарты.

**ГАРАНТИЯЛА** Кепилдик берүү, милдетин алуу, камсыз кылуу. *Завод, туура пайдалануу шартында, чыгарган кир жуугуч машиналарынын бир жылга чейинки бузулбай иштөөсүн гарантиялайт.*

**ГАРАНТИЯЛАН** **гарантияла** этишинин өздүк мамилеси. *Телевизорлордун сапаттуу иши завод тарабынан гарантияланат.*

**ГАРАНТИЯЛОО** **гарантияла** этишинин кыймыл атоочу. *Приборлордун жогорку сапатын гарантиялоо.*

**ГАРАНТИЯЛУУ** Кепилдиги бар, камсыз кылынган, гарантияланган. *Гарантиялуу саат. Гарантиялуу акчалай акы төлөө.*

**ГАРАНТИЯЛЫК** Кепилдикке алынган, гарантия берген. *Гарантиялык мөөнөт. Гарантиялык кат.*

**ГАРГАР** *диал.* Бозокор, бозо жасап сатуучу. *Бозо салуучу гаргарлар да Айдаралыдан коркушчу* (Абдукаримов).

**ГАРДЕРОБ** 1. Ичине кийим илип коё турган шкаф. *Мына бу гардеробго кийимдерин илип коюшат* («Ала-Тоо»). 2. Эл көп келүүчү жайларда сырт кийимди чечип коё турган орун, бөлмө. 3. Бир адамдын бардык кийимкечеси.

**ГАРДЕРОБЩИК** Гардеробдо иштеген адам. *Театрда гардеробщик болуп иштөө.*

**ГАРДИНА** Терезени бүт жабуучу парда.

**ГАРЕМ** 1. Кээ бир чыгыш элдеринде бай-манаптардын аялдары үчүн арналып салынган бөлөк үй, аялдар тура турган жай, бөлмөсү. 2. Гаремдеги аялдар.

**ГАРМОНИЯ** Белгилүү бир байланыштагы бөлүктөрдүн өз ара дал келишип биргелешүүсү, үндөшүүсү, ылайык келгендик, шайкештик. *Үндөрдүн гармониясы, түстөрдүн гармониясы.*

**ГАРМОНИЯЛУУ** Дал келишкен айкалышууга ээ, үндөштүккө ээ. *Гармониялуу үй-бүлө. Текст менен обон гармониялуу чыккан.*

**ГАРМОНЧУ** Гармон тартуучу адам. *Гармончу бала гармонун аркырата эки-үч*

*чоюп-чоюп алды* (Жантөшев).

**ГАРМОНЬ** Эки жагындагы клавиатурасы бар, эки жакка тартылып, ар түрдүү үн чыгаруучу баскычтары басылуу аркылуу күүгө келтирилип ойнолуучу музыкалык аспап.

**ГАРНИЗОН** Чептерде, чыңдалган райондордо, эл отурукташкан кээ бир пункттарда убактылуу же туруктуу орун алган аскер бөлүгү. *Капитан Сафронов гарнизондун начальниги* («Советтик Кыргызстан»).

**ГАРНИЗОНДУК** **гарнизон** дегенге таандык. *Гарнизондук бөлүктөр. Гарнизондук артиллерия. Гарнизондук кызмат.*

**ГАРНИР** Бышырылган этке же балыкка ж.б. кошулуп берилүүчү капуста, күрүч, кесме ж.б. сыяктуу тамак. *Капуста кышында жакшы сакталат да, салат жана гарнир түрүндө колдонулат* («Ден соолук»).

**ГАРНИТУР** 1. Белгилүү бир максатта керектелүүчү, колдонулуучу буюмдардын комплектиси, толук бир жыйындысы. *Мебелдердин гарнитуру.* 2. Бирдей сүрөттөгү, бирок ар түрдүү өлчөмдөгү шрифтердин комплектиси.

**ГАРПУН** Сууда жашоочу ири жаныбарлар менен балыктарды саюу үчүн колдонулуучу найза сыяктуу узун курал.

**ГАРПУНЩИК** Гарпунду жакшы ыргытуучу, гарпун менен жакшы саюучу адам.

**ГАРТ** Катуу кыпчылдык. *Арабаны токтоткон Кара балчык гарт болот* (Эл ыры).

**ГАСТРИТ** Аш казандын былжырлуу кыртышы сезгенишинен пайда болуп, катуу башталган же өнөкөт болуп калган оору.

**ГАСТРОЛДУК** **гастроль** дегенге таандык. *Гастролдук оюндар. Гастролдук кыдыруу.*

**ГАСТРОЛЕР** Гастролго келген артист (артистка).

**ГАСТРОЛЬ** Четтен келген актёрлордун койгон спектакли, концерти.

**ГАСТРОНОМ** 1. Ар түрдүү тамак-аш продуктылары сатылуучу магазиндин аты. 2. Даамдуу тамактанууну жакшы көргөн жана анын сырларын жакшы билген адам.

**ГАСТРОНОМИЯ** 1. Тамак-аш продуктылары. 2. Ашпоздук чеберчиликке байланыштуу түшүнүктөр.

**ГАСЫР** *диал.* Жүз жыл, кылым. *Гасыр деп айтылады ар жүз жылга, Коркунуч бенделерге болор шондо* (Эмилов).

**ГАУБИЦА** Замбиректин бир түрү.

**ГАУПТВАХТА** Күнөөлүү аскер кызматкерлери камалуучу жай.

**ГАУХАР** *туурасы:* **каухар.**

**ГАШ** *диал.* Ачуу, кыжыр, убайым. *Уурулукту маш кылган, Элдин көөнүн гаш кылган* (Барпы). *Келтиресиң гашымды, Тойгуча жейсиң нанымды* (Барпы). *Оожалакен жаш экен, Не көңүлүм гаш экен* («Эл адабияты»).

**ГАШИШ** Нашаа.

**ГАШИШИЗМ** Нашаа колдонууга ылайыкталган наркоманиянын бир түрү.

**ГВАРДЕЕЦ** Гвардиялык бөлүктө кызмат кылган аскер. *Биздин ага, гвардеец Дүйшөнкул, Москваны фашисттерден коргошкон* (Маликов). *Бул чекти 28 гвардеецтер коргоп турушкан эле* (Бөкөнбаев).

**ГВАРДИЯ** 1. Эң мыкты, тандалган аскер бөлүктөрү. *Дивизия командири турган үйгө Гвардия баатырлары чогулушту* (Үмөталиев). 2. Кандайдыр, бир иште, багытта туруктуулукту, кайраттуулукту көрсөтүп, күрөштө такшалган, сыналган адамдар. *Жумушчу гвардиянын революциячыл салттары укумдан-тукумга өтүп келатат.*

**ГВАРДИЯЛЫК** **гвардия** дегенге таандык. *Гвардиячыл дивизия. Гвардиялык бөлүктөр.*

**ГВАРДИЯЧЫ** Гвардияда кызмат аткарган жоокер, гвардеец.

**ГЕГЕМОН** Кандайдыр бир ишке башчылык, жетекчилик кылуучу, алдыңкы катардагы жетектөөчү. *Чечип, Жеңип, Чын турмуштун Гегемону болобуз!* (Турусбеков).

**ГЕГЕМОНИЯ** Биринчилик, жетекчилик, күч жагынан басымдуулук, үстөмдүк.

**ГЕДОНИЗМ** *псих.* 1. Өмүрдүн башкы максаты иретинде рахат менен махабатты таануучулук, рахат, махабат алууга умтулуучулук. 2. Эвдемонизмдин бир тармагына кирүүчү Кирен философиялык мектеби (б.з.ч. IV к.) менен Эпикурдун (б.з.ч. 341–270-ж.) өнүккөн жашоонун негизи рахат алууда деп эсептешкен этикалык багыт.

**ГЕЖЕВЕ** Үкөк, сандык.

**ГЕЗБАР** *диал.* Кездеме.

**ГЕЗИТ** **газета** менен бирдей.

**ГЕЗИТТИК** **гезитке** таандык.

**ГЕЗИТЧИ** *сүйл.* Гезит кызматчысы.

**ГЕЙЗЕР** Мезгил-мезгили менен ысык буу, суу фонтанга окшоп атылып чыгып турган вулкан сыяктуу пайда болгон ысык булак.

**ГЕЙША** Японияда чайканада атайын бийлөөчү жана ырдоочу аял.

**ГЕКТАР** 10 000 чарчы метрге барабар келген жер аянтынын өлчөмү. *Күрпүлдөк суусунун батыш тарабы туура элүү тогуз гектар эсебиндеги күздүк буудай* (Сыдыкбеков).

**ГЕКТО** (гр. жүз) Чен бирдиктердин атын туюндуруучу татаал сөздөрдүн ченем бирдигинин жүз эсе чоңойгондугун көрсөтүүчү биринчи бөлүгү (мис., 1 гектометр – 100 *м*, гектолитр – 100 *л*).

**ГЕЛАВА** *диал.* Баштын тегеренүүсү, баш айлануу. *Мээм гелава болуп калыптыр.*

**ГЕЛИЙ** Водороддон кийинки абдан жеңил, түссүз, жытсыз химиялык инерттүү газ, химиялык элемент.

**ГЕЛЬ I** Килкилдек тартып уюган зат.

**ГЕЛЬМИНТОЛОГ** Гельминтология жагынан адис.

**ГЕЛЬМИНТОЛОГИЯ** Мите курттарды жана ошол курттар аркылуу пайда болгон ооруларды изилдөөчү илим.

**ГЕЛЬМИНТТЕР** Адамдарда, жаныбарларда

жана өсүмдүктөрдө жашап, аларды чөйрө жана азык заттардын булагы катары иштетип жана аларга зыян келтирүүчү мите курттар.

**ГЕМАТОГЕН** Составында темир бар, медицинада дарылыгы бар препарат катарында колдонулуучу, гемоглобиндин глицеринге жана виного аралаштырылган эритиндиси.

**ГЕМАТОЛОГИЯ** *мед.* Кандын составы, сапаты жана ага байланыштуу ооруларды изилдөөчү илим тармагы.

**ГЕМАТОМА** Кан тамырлардын жабыркашынан улам кандын бир жерге уюп калышы, шишүүсү.

**ГЕМОГЛОБИН** Организмге кычкылтекти таркатуу кызматын аткарган кызыл кан денечелеринин составдуу бөлүгү, кандагы кызыл зат.

**ГЕМОДИАЛИЗ** *мед.* «Жасалма бөйрөк» аппарат аркылуу бөйрөк оорусун айыктыруучу ыкма.

**ГЕМОРРОЙ** Көтөн чучуктун төмөнкү бөлүгүндөгү вена тамырынын кеңейип кетиши жана андан кан агуу.

**ГЕМОСТАЗ** *мед.* Кан токтоо, тамырдагы кандын жүгүрбөй токтоп калышы.

**ГЕМЦИТ** Кандын толук калыптанган клеткасы: эритроцит, лейкоциттин бардык түрлөрү, тромбоцит, амёбоцит.

**ГЕН** *биол.* Тек (тукум куучулуктун кандайдыр бир белгисин калыптандырган материалдык бирдик).

**ГЕНДЕР** *саяс.* Адамдардын жыныс өзгөчөлүгү менен байланыштуу. Ар башка жыныстагы адамдардын калыптанган, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму.

**ГЕНДЕРДИК САЯСАТ** *саяс.* Ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерде теңчиликти орнотууга багытталган мамлекеттик, коомдук иш.

**ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК** *саяс.* Ар башка жыныстагы адамдардын коомдогу бирдей социалдык абалы.

**ГЕНДИРЕКТОР** *сүйл.* Кандайдыр бир бирикменин генералдык директору.

**ГЕНЕАЛОГИЯ** 1. *тар.* Санжыра, эл тарыхы, тарых илиминин бир тармагы. 2. *биол.* Генетикада жана селекцияда жеке өсүмдүктөр менен жаныбарлардын же алардын белгилүү бир тобунан чыккан теги жөнүндөгү маалыматтарды жыйноо тууралуу илим.

**ГЕНЕЗ** (туулуу, пайда болуу, келип чыгуу) Татаал сөздөрдүн пайда болууга же келип чыгууга байланыштуу маанини берүүчү бөлүгү (мис., антропогенез).

**ГЕНЕЗИС** Келип чыгуу, пайда болуу, жаралуу, бир нерсенин жаралышынын түпкү теги.

**ГЕНЕРАЛ** Армиянын жогорку командалык составындагы наам жана ушундай наамы бар адам. *Генерал: «Сенин мунуң эрдик» – деди, Колумду катуу кысып, муну берди* (Осмонов).

**ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОР** Революцияга чейинки Россияда жана башка кээ бир өлкөлөрдө: согуштук-административдик бийликке ээ болгон бир же бир нече губерниянын начальниги.

**ГЕНЕРАЛДЫК** 1. **генерал** дегенге таандык. *Генералдык наам. Генералдык погон.* 2. Башкы, негизги, багыт берүүчү, жетекчи боло алган. *Партиянын генералдык линиясы. Генералдык секретарь. Генералдык директор.* 3. Жалпы, текши, баштан-аяк; негизги. *Генералдык ревизия. Генералдык репетиция.*

**ГЕНЕРАЛДЫК ШТАБ** Согуш башкармасынын башкы штабы.

**ГЕНЕРАЛИССИМУС** Аскердик эң жогорку наам жана ушундай наамы бар адам. *Генералиссимус Суворов.*

**ГЕНЕРАЛИТЕТ** Армиянын жогорку командалык составы; генералдар.

**ГЕНЕРАЛ-ЛЕЙТЕНАНТ** Генералдык наамдын даражасы боюнча экинчиси.

**ГЕНЕРАЛ-МАЙОР** Генералдык наамдын даражасы боюнча биринчиси, алгачкысы.

**ГЕНЕРАЛ-ПОЛКОВНИК** Генералдык наамдын даражасы боюнча үчүнчүсү.

**ГЕНЕРАТОР** 1. Механикалык энергияны электр энергиясына айландыруучу машина. *Синхрондуу генератор.* 2. Бир нерсени иштеп чыгарууга арналган ар түрдүү прибордун аты.

**ГЕНЕРАТОРДУК** **генератор** дегенге таандык. *Генератордук лампа.*

**ГЕНЕРАЦИЯ** Муун.

**ГЕНЕТИК** Генетика илими боюнча адис.

**ГЕНЕТИКА** Организмдин өзгөрүшүн жана тукум куучулугун изилдөөчү биология илиминин бир тармагы.

**ГЕНЕТИКАЛЫК** 1. **генетика** дегенге таандык. *Генетикалык станция. Генетикалык проблемалар.* 2. Генезиске таандык; бир нерсенин жаралыш, пайда болуш тегин изилдөөгө байланыштуу. *Генетикалык байланыш. Генетикалык метод.*

**ГЕНИАЛДУУ** 1. Эң жогорку чыгармачылык талант, жөндөм, артыкчылыгы бар. *Гениалдуу акын. Гениалдуу окумуштуу. Гениалдуу полководец.* 2. Эң жогорку сапаттуу, толук жетилген, өзгөчө мыкты. *Ар бир гениалдуу чыгарма жөнөкөй болору бизге белгилүү* (Шимеев).

**ГЕНИАЛДУУЛУК** Жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүк.

**ГЕНИЙ** Кандайдыр бир иш сферасында адамдын таланттуулугу, эң жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүгү. *Ч. Айтматов – дүйнө генийи.*

**ГЕНИЙЛИК** Акылмандык, даанышмандык, таланттуулук.

**ГЕНОТИП** Белгилүү бир организмдин бардык гендеринин жыйындысы.

**ГЕНОФОНД** 1. *биол.* Биологиялык түрдүү популяциянын узак убакыт ичинде сактоого мүмкүндүк бере турган гендин жыйынтыгы.

2. Коомдун, коомдук топтордун касиеттеринин жыйындысы.

**ГЕНОЦИД** Расалык, улуттук, этикалык же диний себептерден улам калктын белгилүү бир тобун кырып жок кылуу, тукумкурут кылуу, кырып-жоюу.

**ГЕНШТАБ** Генералдык штаб.

**ГЕО** Татаал сөздөрдүн жерге, жер шарына, жер кыртышына тийиштүү түшүнүктөрдү туюндуруучу биринчи бөлүгү (мис. география, геология, геофизика, геомагнетизм).

**ГЕОБОТАНИКА** Географиялык шартына (климатына, жер кыртышына ж.б.) карата өсүмдүктөрдүн жер шарында бөлүнүшүн жана таралышын изилдөөчү ботаниканын бир бөлүмү.

**ГЕОГРАФ** География боюнча адис.

**ГЕОГРАФИЯ** Адам коомун курчап турган табигый шарттарды, өндүрүштүн жайгашуусун, анын өзгөчөлүктөрүн жана ар түрдүү өлкөлөрдө, райондордо өнүгүүсүн изилдеп, баяндоочу берүүчү илимдердин жалпы наамы. *Экономикалык география. Физикалык география.* 2. Бир нерсенин жер бетине же кандайдыр бир жерге, районго таралышын изилдөө. *Жер кыртышынын географиясы. Жаныбарлардын географиясы.*

**ГЕОГРАФИЯЛЫК** **география** дегенге таандык. *Географиялык шарттар. Географиялык атлас.*

**ГЕОДЕЗИСТ** Геодезия боюнча адис.

**ГЕОДЕЗИЯ** Жердин көлөмүн, формасын изилдөөчү илим жана планга картага бир жерди түшүрүү үчүн жер бетин өлчөө ишин жүргүзүү.

**ГЕОДЕЗИЯЛЫК** **геодезия** дегенге таандык. *Геодезиялык куралдар.*

**ГЕОЛОГ** Геология боюнча адис. *Карт геолог азандан чыгып карайт таштарды* (Токомбаев). *Геологдор болсо, баланча жерде көмүр бар деп белги урушат* (Сасыкбаев).

**ГЕОЛОГИЯ** Жердин, кендердин, тектердин пайда болушун, түзүлүшүн, курамын, өсүп-өнүгүү процесстерин изилдөөчү илим.

**ГЕОЛОГИЯЛЫК** **геология** дегенге таандык. *Геологиялык топтун начальниги бизди иштин абалы менен тааныштырды* («Кыргызстан аялдары»). *Савельев геологиялык экспедицияга катышып, ошол бойдон Сулүктү тоосунда кала берген.* (Сасыкбаев).

**ГЕОМЕТРИЯ** Мейкиндиктин формалары менен телолордун катыштарын изилдөөчү математиканын бир бөлүмү.

**ГЕОМЕТРИЯЛЫК** **геометрия** дегенге таандык. *Геометриялык маселе. Геометриялык аксиома.*

**ГЕОМОРФОЛОГИЯ** Жер бетинин түзүлүшү жана анын өсүш тарыхын изилдөөчү физикалык географиянын бир тармагы.

**ГЕОРГИН** Чоң-чоң гүл ачуучу, тамырында картошка сыяктуу түйүлдүктөрү бар декоративдик өсүмдүк.

**ГЕОСАЯСАТ** *саяс.* Географиялык, саясий, аскери жана башка факторлордун себептүү ыкмаларын эсепке алып отуруп, мамлекеттин, бүтүндөй элинин жана анын аймактарынын өнүгүшүнүн процесстери менен принциптерин изилдөөчү илим.

**ГЕОСФЕРАЛАР** *астр.* Жерди курчап турган жалпы борборлуу кабыкчалар.

**ГЕОТЕРМИКА** Жер кабыгынын жылуулугун изилдөөчү илим.

**ГЕОФИЗИКА** Жердин физикалык касиеттери жана андагы физикалык процесстердин келип чыгышы жөнүндөгү илимдердин жыйындысы.

**ГЕОХИМИЯ** Жердин химиялык составы жана химиялык элементтеринин жер кыртышына таралышы, бөлүнүшү, биригишүү законлору жөнүндөгү илим.

**ГЕПАРД** Сары түстүү, кара тактары бар чоң жырткыч айбан.

**ГЕПАТИТ** *мед.* Боордун сезгенүү оорусунун жалпы аталышы.

**ГЕРАЛЬДИКА** *сур.* 1. Гербдерди түзүү, сүрөттөп жазуу, пайдаланууну жөнгө салган эрежелер системасы. 2. XIX к. 2-жарымында пайда болгон жана гербдерди өзгөчө маанидеги тарыхый булак катары алардын тарыхый, өткөн замандын эстеликтерин, герб сакталган курулуш, монета, картина, кол жазма, идиш-аяк ж.б окуп үйрөнүүчү көмөкчү тарыхый илим.

**ГЕРБ** Мамлекеттин, шаардын, уруунун ж.б. желекке, акчага, печатка ж. б. тартылган айырмалоочу шарттуу белгиси. *Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби. Карачы асман менен тирелишкен, Орок, балка, жылдыздуу герб илинген* (Нуркамал).

**ГЕРБАРИЙ** Кургатылган өсүмдүктөрдүн жыйындысы. *Сбордо пионер отряды гербарий кургатуу, таштардын породаларын таануу иши каралган болчу* (Сыдыкбеков).

**ГЕРБДҮҮ** Герби бар, герб тартылган. *Гербдүү мөөр.*

**ГЕРБДҮҮ МӨӨР** Мамлекеттин герби түшүрүлгөн, жооптуу документтерге, акча белеттерине коюлуучу белги. *Гербдүү мөөр басылган. Гербдүү мөөр койдурулган.*

**ГЕРБИЦИД** Отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн колдонулуучу химиялык зат. *Азырынча чырмоокту жогото турган гербицид табыла элек* («Айыл чарба»). *Гербициддерди иштеп чыгара турган ишканалар курулууда* («Советтик Кыргызстан»).

**ГЕРКУЛЕС I** 1. *миф.* Мифологиялык грек каарманы, укмуштуу күчтүү Геракл атынын латынча нускасы. 2. *өт.* Алп, күчтүү.

**ГЕРКУЛЕС II** Куурулуп, жанчылган сулудан жасалган көжө же жарма.

**ГЕРМАНДАР** **герман** 1. Борбордук, батыш жана түштүк-батыш Европада жашоочу байыркы уруулардын жалпы наамы. 2. Германиянын калкы, немецтер. *Биз германдын жылкысына тийген эмеспиз* (Сыдыкбеков).

‖ *сүйл.* Германия. *Герман, менен ак падыша урушуп жатат имиш* (Абдукаримов).

**ГЕРМАНИЗМ** Немис тилине мүнөздүү кандайдыр бир тилде сөздүн же кептин түрү, немис тилинен кирген сөздөр же ошондой моделде жасалганы.

**ГЕРМАНИСТ** Германистика боюнча адис.

**ГЕРМАНИСТИКА** Герман тилдерин, герман маданиятын, адабиятын, тарыхын изилдөө.

**ГЕРМАФРОДИТ** Аял менен эркектин жыныс белгилери бар адам, кыз теке.

**ГЕРМЕНЕВТИКА** *адаб.* Мурунку адабий чыгармаларды (кол жазмалар, китептер, эстеликтер) талдап түшүндүрүү теориясы.

**ГЕРОИН** Кызгалдак апийиминен өндүрүлгөн абдан уулуу наркотик.

**ГЕРЦОГ** *тар.* Байыркы Германияда уруунун шайланма аскер башчысы. Батыш европада алгачкы общиналык кылымда – уруу князы, феодалдык бытырандылык кезинде – королдон кийинки ири жер ээси, феодалдык бытырандылык жоюлгандан кийин Батыш Европадагы дворяндардын жогорку титулдарынын бири.

**ГЕСТАПО** *тар.* Антифашисттерди жырткычтарча жазалоо менен айырмаланган фашисттик Германиядагы жашыруун мамлекеттик полиция. *Бир күнү аны гестапого чакырды* («Советтик Кыргызстан»).

**ГЕСТАПОЧУ** Гестаподо кызмат кылуучу фашист.

**ГЕТРА** Балтырды суукtan сактоо үчүн бут кийимдин үстүнөн кие турган тамансыз (көбүнчө сукнодон жасалган) байпак.

**ГЕТТО** Орто кылымдардагы Европада, ошондой эле расалык дискриминация саясатын жүргүзүүчү азыркы кээ бир капиталисттик мамлекеттерде милдеттүү түрдө белгилүү бир расадагы же диндеги адамдар жайгашуу үчүн бөлүнүп коюлган шаардын району, кварталдары. *Еврейлердин геттосу. Негрлердин геттосу.*

**ГИАЦИНТ** 1. Сүйрү-сүйрү жалбырактуу, жыттуу гүлү бар декоративдик өсүмдүк. 2. Сары, кызыл же кызгылт сары түстөгү кээ бир асыл таштардын аты.

**ГИББОН** Дене түзүлүшү жагынан адамга окшош Азиянын түштүк чыгышында жашоочу маймыл.

**ГИБРИД** Ар башка түрдөгү өсүмдүктөрдү же айбандарды бири-бирине гибриддештирүү жолу менен алынган жаңы тукум, сорт, түр. *Жүгөрүнүн бардык аянтын гибрид уругу менен чарчылап чөнөк- төп эгебиз* («Советтик Кыргызстан»).

**ГИБРИДДЕШТИР** Жаңы сапаттуу сорт, түр, тукум алуу максатында ар түрдүү болгон өсүмдүктөрү же айбандарды бири-бири менен чандаштыруу, кыйыштыруу, аргындаштыруу.

**ГИБРИДДЕШТИРҮҮ** **гибриддештир** этишинин кыймыл атоочу.

**ГИБРИДДИК** **гибрид** дегенге таандык. *Кийинки эки жылдын ичинде гибриддик үрөндүн түшүмүн гектарына 50 центнерге чейин жеткирүүнү белгиледик* («Кыргызстан аялдары»).

**ГИГАНТ** 1. Дөө, алп. 2. *өт.* Илимде, адабиятта ж.б. тармактарда көп иш кылган, айырмаланган, абдан көрүнүктүү киши. *Акылдын гиганттары эл журттун бактысы үчүн төрөлүшкөн. Окулган, окулат, окула берет, Толстой өңдүү улуу сөз гиганттары* (Шүкүрбеков). 3. Көлөмү жагынан абдан зор өлчөмдү билдирүүдө, зор көлөмдөгү курулуштарды атоодо колдонулат. *Катар үйлөр, Гигант арык, темир жол* (Токомбаев). *Ук, жер жүзү! Далай гигант салынды* (Турусбеков). *Ана гигант Буу чыгарды, Эми эскилик жеңилди* (Бөкөнбаев).

**ГИГАНТТЫК** Эбегейсиз зор, абдан бараандуу, чоң көрүнүштөгү. *Гиганттык күч. Гиганттык курулуштар.*

**ГИГИЕНА** Адамдын организмине сырткы чөйрөнүн тийгизген ар кандай таасирин изилдөөчү жана саламаттыкты сактоо чараларын иштеп чыгуучу илим. *Гигиена эрежелери.* ‖ Саламаттыкты сактоону камсыз кылуу чараларынын практикалык жыйындысы. *Эмгек гигиенасы. Турак-жай гигиенасы. // Төрөт үйүнүн кызматкерлери аялдар арасында аялдардын гигиенасы жөнүндө түрдүү темадагы аңгемелерди өткө- рүшөт* («Кыргызстан аялдары»).

**ГИГИЕНАЛЫК** **гигиена** дегенге таандык. *Дайыма гигиеналык жактан таза жүрүү пайдалуу* («Ден соолук»).

**ГИГРОМЕТР** Абанын нымдуулугун өлчөй турган аспап.

**ГИД I** Башка бир элден келген туристтерге ошол элдин маданияты, өнөрү, тарыхы жөнүндө түшүнүк берген жол көрсөтүүчү, жетекчи адам.

**ГИД II** *астр.* Асман мейкиндигин изилдөөгө, байкоого арналган чоң эмес телескопко орнотулган запастагы көз дүрбү.

**ГИДРАВЛИКА** Суу кыймылдаткычтары жана суу курулуштары жөнүндөгү илим.

**ГИДРАТ** Металл кычкылынын суу менен кошулган химиялык бирикмеси.

**ГИДРИД** Водороддун башка элементтер менен кошулган химиялык бирикмеси.

**ГИДРО** Татаал сөздөрдүн сууга, суу мейкиндиктерине байланыштуу маани берген биринчи бөлүгү (мис. гидробиология, гидросфера).

**ГИДРОАКУСТИКА** Үндүн сууда таралышын изилдеп үйрөнүүчү акустиканын бир бөлүмү.

**ГИДРОАЭРОДРОМ** Гидросамолёттор үчүн курулган аэродром; суу аэродрому.

**ГИДРОБИОЛОГ** Суу чөйрөсүндөгү организмдин кандай тиричилик кыла тургандыгын изилдөөчү адис.

**ГИДРОБИОЛОГИЯ** Суу чөйрөсүндө жаша-

ган организмдин тиричилигин изилдей турган биологиянын бир тармагы.

**ГИДРОГЕНЕРАТОР** Гидротурбинаны кыймылга келтирүүчү электр тогунун генератору.

**ГИДРОГЕОЛОГИЯ** Жер астындагы сууларды жана алардын жер үстүндө чыгышын изилдөөчү геологиянын бир тармагы.

**ГИДРОГРАФ** Гидрография боюнча адис.

**ГИДРОГРАФИЯ** Жер бетиндеги сууларды изилдөө жана сүрөттөп жазуу ишин жүргүзүүчү географиянын бир тармагы.

**ГИДРОДИНАМИКА** Күчтөрдүн аракети аркылуу суюктуктун кыймылга келишин изилдөөчү механиканын бир тармагы.

**ГИДРОКОМБИНЕЗОН** Суунун түбүндө көп убакыт жүргөндө кийилүүчү атайын костюм.

**ГИДРОЛИЗ** *геол.* Ар түрдүү заттардын, суунун катышуусу аркылуу ажыроо реациясы.

**ГИДРОЛОГ** Гидрология боюнча адис.

**ГИДРОЛОГИЯ** Жер шарындагы суу мейкиндигин жана суулардын жаратылыштагы кыймылын, түрлүү кубулуштарын изилдөөчү илим.

**ГИДРОМАССАЖ** Суу массажы менен адамдын денесин чыңдоо, дарылоо.

**ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ** Жердин атмосферада жана гидросферадагы абалын изилдөөчү илим.

**ГИДРОМЕТР** *геол.* Сууну өлчөгүч курал.

**ГИДРОМЕХАНИЗАТОР** Гидромеханизацияда иштеген адам, адис.

**ГИДРОСАМОЛЁТ** Суудан көтөрүлүп жана сууга конууга ыңгайлаштырылган самолёт.

**ГИДРОСТАНЦИЯ** **гидроэлектростанция** менен бирдей.

**ГИДРОСФЕРА** *биол.* Жер шарынын бардык суу бөлүгү.

**ГИДРОТЕХНИК** Гидротехника боюнча адис.

**ГИДРОТЕХНИКА** 1. Суу ресурстарын чарбанын керегине пайдалануу жана суунун зыяндуу кубулуштарына каршы күрөшүү жөнүндөгү илим. 2. Атайын курулуштарды куруу менен ушундай милдеттерди турмушка ашыруучу техниканын бир тармагы.

**ГИДРОТЕХНИКАЛЫК** **гидротехника** дегенге таандык. *Гидротехникалык курулуштар. Гидротехникалык жумуштар.*

**ГИДРОТРУБИНА** Суунун күчү менен аракетке келүүчү кыймылдаткыч.

**ГИДРОУЗЕЛ** Гидротехникалык курулуштардын (каналдар, плотиналар, гидростанциялар ж. б.) жыйындысы.

**ГИДРОФОН** Сууда пайда болгон же тараган үндүн толкунун кабыл алуучу прибор.

**ГИДРОХИМИЯ** Суунун химиялык составы жана аны изилдөөнүн методдору жөнүндөгү илим.

**ГИДРОЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ** Электр кубатын иштеп чыгуу үчүн суунун агуу күчүн пайдаланган электр станциясы (кыскартылганы – ГЭС). *Ат-Башы гидроэлектростанциясы.*

**ГИЕНА** Чөл же жарым чөлдүү жерлерде жашоочу, көбүнчө тарп менен азыктануучу жырткыч.

**ГИЛАРС** **гилас** менен бирдей. *Кокон гиларс, ак өрүк бышып, мөмөлөр жетиле баштады* (Абдукаримов).

**ГИЛАС** 1. Чие түркүмүнө кирүүчү мөмө берүүчү жыгач өсүмдүгү. *Гиластарыбыздын учку мөмөлөрү кызарып быша баштаган болучу* («Жаш ленинчи»). 2. Ушул дарактын кызыл түстөгү тоголок мөмөсү. *Гиластын ширелүү даамы.*

**ГИЛОЗОИЗМ** *филос.* Бардык материялардын жаны бар деп эсептеген философиялык окуу.

**ГИЛЬДИЯ** *тар.* 1. Орто кылымдарда Батыш Европада – соодагерлердин жана ремесленниктердин бирикмеси. 2. Падышалык Россияда капиталынын өлчөмүнө жараша купецтер бөлүнгөн катмардык бирикмелер. *Биринчи гильдиянын купеци.*

**ГИЛЬЗА** 1. Атыла турган куралдардын (мылтык, замбирек ж. б.) түп жагына дары салып, ооз жагына ок салынуучу түбү туюк цилиндр түрүндөгү жези, бош патрону. 2. Папиростун тамеки толтурула турган түтүкчөсү. 3. *тех.* Түтүк формасындагы ар түрдүү деталдардын наамы.

**ГИМН** Мамлекеттик же таптык бирдиктин символу катарында алынган, салтанаттуу түрдө ырдалуучу ыр. *Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни. Аскер бөлүгүндөгү салтанат гимн менен башталды.*

**ГИМНАЗИСТ** Гимназия окуучусу.

**ГИМНАЗИЯ** Жалпы билим берүүчү орто мектеп.

**ГИМНАСТ** Гимнастиканы жакшы билген, ошонун артынан сая түшкөн адам. ‖ Гимнастиканы өзүнө кесип кылып алган спортсмен же циркти н артисти.

**ГИМНАСТЕРКА** Жакасы тик, белинен кур курчалуучу (аскердик форма катарында кабыл алынган) сырт көйнөк. *Иманбай гимнастёркасынын сыртындагы курду бек тартты* (Каимов). *Үстүнө кийгени жаңы шым, жаңы гимнастёрка* (Сыдыкбеков).

**ГИМНАСТИКА** Ден соолукту чыңоого багытталган дене тарбия көнүгүүлөрүнүн системасы. *Гимнастика балдардын ден соолугун чыңдап, алардын спорттук машыгууларын арттыруда* («Кыргызстан аялдары»).

**ГИМНАСТИКАЛЫК** **гимнастика** дегенге таандык. *Гимнастикалык оюндар. Гимнастикалык машыгуу.*

**ГИНЕКОЛОГ** Гинекология боюнча адис, врач. *Боюнда бар аялдарды, аялдар консультацияларында акушер гинекологдор көрүп турушат* («Ден соолук»). *Акушерка-гинеколог Нина Петровна операцияга кириши* («Ден соолук»).

**ГИНЕКОЛОГИЯ** Аялдардын организмин-

деги өзгөчөлүктөр, алардын жыныс оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим.

**ГИПЕРБОЛА** *адаб.* Көркөм адабиятта өзгөчө фольклордо предметти, чыгарманын каарманын адаттан тышкары апыртып сүрөттөө.

**ГИПЕРТОНИК** Гипертония оорусунан жапа чеккен киши.

**ГИПЕРТОНИЯ** Кан басымынын жогорулашынан пайда болгон оору.

**ГИПЕРТРОФИЯ** Орган же ткань көлөмүнүн опсуз чоңоюп кетиши.

**ГИПНОЗ** 1. Көз боочулук жолу менен эркинен ажыратып, жарым уйкуда болгон абал. 2. Дарылоо максатында, адамды ишендирүү аркылуу эркине таасир этүү.

**ГИПНОЗДО** 1. Көз боёочулук жолу менен эркинен ажыратып жарым уйкуда кылуу, көз байлоо.

**ГИПНОЗДОО** **гипноздо** этишинин кыймыл атоочу.

**ГИПНОТИЗЁР** Бирөөнү гипноздоп коюучу, көз боочу адам, ушундай жол менен дарылоочу врач.

**ГИПОСТАЗ** *мед.* Жүрөктүн кызматынын начарлоосунан улам төмөндө жайгашкан органдарга кандын көбүрөөк агып келип, уюп калышы.

**ГИПОТЕЗА** Тажрыйбада аныктала элек илимий божомол, болжол.

**ГИПОТЕНУЗА** *геом.* Тик бурчтун каршысында жаткан тик бурчтуу үч бурчтуктун каптал жагы.

**ГИПОТЕТИКАЛЫК** Гипотезага негизделген, болжолдуу.

**ГИПОТОМИЯ** Айрым бир органдын адаттан тыш кичирейип кетиши.

**ГИПОТОНИЯ** Кан басымынын төмөндөшү.

**ГИППОПОТАМ** **бегемот** менен бирдей.

**ГИПС** 1. Курулуш иштеринде, медицинада ж. б. колдонулуучу майдаланган ак же саргыч түстөгү минерал. 2. Ушул минералдан жабыштырылып жасалган скульптура. *Качууга камынган тоо эчкинин гипстен жасалган сүрөтү* («Ала-Тоо»). 3. Дененин сынган же чыгып кеткен жеринин туура бүтүүсү үчүн кыймылсыз абалда кармоодо ушул минерал колдонулуп жасалган хирургиялык катуу таңгыч. *Колдун сынган жерине гипс коюу.*

**ГИПСТЕ** Сынган, чыккан жерди гипс менен кыймылдатпай каптап, таңып коюу.

**ГИПСТЕЛ** **гипсте** этишинин өздүк мамилеси.

**ГИПСТЕТ** **гипсте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ГИПСТӨӨ** **гипсте** этишинин кыймыл атоочу.

**ГИРЛЯНДА** Кооздук үчүн чынжыр түрүндө өрүлгөн бутактар же желектер. Тасмага же чынжырга окшоштуруп өрүлгөн гүл же жашыл чөп.

**ГИРЯ** 1. Тараза ташы. 2. Гимнастикалык чоюн, чоюн шар.

**ГИС** *диал.* Арпакан.

**ГИСТОЛОГ** Гистология боюнча адис.

**ГИСТОЛОГИЯ** Адамдын жана айбандардын денесинин ткандарынын түзүлүшүн изилдөөчү анатомиянын бир бөлүмү.

**ГИТАР** *туурасы:* **гитара.**

**ГИТАРА** Мойнунан ылдыйраак жагы жазыраак келип, сегиз формасында жасалган сегиз кылдуу музыкалык аспап. *Шаңдуу ыр, ачык күлкү гитара менен мандолинанын үндөрүнө кошулууда* (Абдумомунов).

**ГИТАРИСТ** Гитараны жакшы черткен музыкант, гитарада ойноочу. *Мыкты гитарист. Гитарист болуу.*

**ГИТАРЧЫ** **гитарист** менен бирдей.

**ГИТЛЕРДИК** **гитлеризм** дегенге таандык. *Гитлердик баскынчылар.*

**ГИТЛЕРИЗМ** Гитлер башында болгон (1933–1945-жылдардагы) Германиядагы фашисттик диктатура, ошондой эле фашисттик диктатуранын идеологиясы.

**ГИТЛЕРЧИ** Гитлердин жактоочулары, немецтик фашист. *Партизандар гитлерчилерге катуу сокку беришти.*

**ГИФТЕР** Козу карындардын денесин түзүүчү жипчелер.

**ГИЯ** Чөптүн түрү. *Ачыкалма гиясы, Алдыда күкүк уясы* («Эл адабияты»). *Ным жеткен жерге гия өскөн Дүркүрөгөн аккан суу* (Барпы).

**ГЛАВА** Жаңы тема менен башталган же номерлеп бөлүнгөн китептин, макаланын бөлүмү. *Биринчи главасы жазылып бүттү. Китеп 5 главадан турат.*

**ГЛАДИАТОР** Байыркы Римдин амфитеатрларында жырткычтар же башка балбандар менен кармашууга чыккан атайын үйрөтүлгөн кулдар же туткун жоокерлерден чыгарылган түрдүү балбан.

**ГЛАДИОЛУС** Узун сабактуу, чоң ар түстөгү гүлдүн бир түрү.

**ГЛАЗУРЬ** 1. Керамика буюмдарын жасоо процессинде алардын эң үстүнө жалатылган жука айнек сымал катмар. 2. Печенье, жемиштердин сыртынан жалатылган тунук шекер эритмеси.

**ГЛИСТ** Адамдын же айбандын денесинде, көбүнчө ичеги-карында болуучу мите курт.

**ГЛИЦЕРИН** Майдан алынган, таттуу даамы бар (медицинада, техникада пайдаланылуучу) коюураак келген суюктук.

**ГЛОБАЛДЫК** Ааламдык, бүт бойдон, жалпы.

**ГЛОБАЛИСТИКА** *саяс.* Макросоциалдык системалар, алардын динамикасы, глобалдык маселелерди чечүүнүн мүмкүнчүлүгүн изилдеген илимий багыт.

**ГЛОБОЛИЗАЦИЯ** *саяс.* Ааламдаштыруу.

**ГЛОБУС** Өз огунда айланып тургандай кылып орнотулган жер шарынын кичирейтип жасалган модели. *Телеграфтын зор эшигинин үстүндө жер шарынын глобусу*

*айланып турат* (Шимеев).

**ГЛОКСИНИЯ** Коңгуроо гүлдүү декоративдик өсүмдүк.

**ГЛОССИТ** Тилдин сезгениши.

**ГЛЮКОЗА** 1. Мөмөлөрдүн, жемиштердин составында болуучу углевод, таттуу зат; жүзүм канты. 2. Ушундан жасалган дарынын аты. *Балдардын тамак сиңирүүсү бузулуп, дизентериянын алгачкы белгилери байкала баштаганда эле глюкозанын эритмесин берген жакшы* («Кыргызстан аялдары»).

**ГЛЯНЦЕВЫЙ** Жылтырак, жалтырак.

**ГНОТОБИОНТТОР** Микробсуз же денесинде микробдорду кармабаган жандыктар.

**ГО** 1. Күмөндүүлүк, ачык эместик, божомолдоо маанисин билдирүүчү сөз. *Ушул иш өтө опурталдуу го дейм, Каныбек!* (Жантөшев). *–Ыракмат Омор аке, шагымды сындырбайт го деп сизге кайрылган элем* («Ала-Тоо»). 2. Ырастоо, күчөтүү маанисинде колдонулат. *Мен сенден эч сырымды жашырбаймын го!* (Байтемиров). *Мындан аркы жердин шартын билесиз го* (Жантөшев).

**ГОБОЙ** Жыгачтан жасалган музыкалык аспаптын бир түрү.

**ГОВОР** Территориялык диалектинин ичиндеги жергиликтүү тил өзгөчөлүктөрү. *Ысык-Көл говору. Түштүк говорлору.*

**ГОВПАЯ** *диал.* Бооланган чөп. *Жазгы буудай говпая, Мен амалың болоюн* («Эл адабияты»).

**ГОЗО** Пахтанын сабагы, пахта өсүмдүгү. *Косек байлай баштаганда гозо жер семирткичтер менен эки жолу кошумча азыктандырылды* («Айыл чарба»). *Гозо тегиз, толук кубаттуу болуп өсүп чыкты* («Кыргызстан аялдары»). *Ар бир түп гозодо 14–15 тен косек пайда болду* («Кыргызстан аялдары»).

**ГОЗОПАЯ** Пахтанын буласы терилгенден кийинки бакалы, сабагы. *Бүт аянтты гозопаядан тазалап, тоңдурма айдашкан* («Кыргызстан аялдары»). *Тамдарынын төбөсүнөн жыйылып турган гозопаяларды көрүүгө болот* (Абдукаримов).

**ГОЙ** Эркелетип сурануу, өтүнүү маанисинде колдонулат. *Келе гой. Тура гой. Ырдай гой, Макишти уялтам десеңиз, орусча ырдап жибериңиз!* (Сыдыкбеков).

**ГОЛ** *спорт.* Футбол, хоккей оюнунда атаандаштардын дарбазасына топ тээп же шайба киргизүү.

**ГОЛГОФА** 1. Иерусалимге жакын дөбөнүн аты, евангелия боюнча ал жерде Иса пайгамбар крестке керилген; 2. *өт.* Азаптуу жер, кыйналуунун булагы.

**ГОЛЕК** *туурасы:* **колек.**

**ГОЛКИПЕР** Дарбазачы. Футбол, хоккей оюндарында өз дарбазасын коргоо позициясына коюлган футбол командасынын, хоккей командасынын мүчөсү.

**ГОЛЛАНДИЯЛЫКТАР** голландец, голландка. Голландия элинин негизги өкүлү, эли.

**ГОЛОГРАММА** Голографиялык ыкма менен тартылган кандайдыр бир нерсени көрсөтүү, фотопластинка.

**ГОЛОГРАФИЯ** *сүр.* Лазерден, жарык булагынан алынган когеренттик оптикалык нурдануунун толкун талаасын тартуу, анын натыйжасында ар түрлүү физикалык денелерди изилдөө.

**ГОЛУБЦЫ** Майдаланган этке күрүч аралаштырып, капустанын жалбырагына ороп же көк калемпирдин ичине салып демдеп бышырылган тамак.

**ГОЛЬФ** *спорт.* Атайын таяк менен топту жердеги чуңкурчаларга киргизип ойной турган спорт оюну.

**ГОМОСЕКСУАЛИЗМ** Эркек же аялдын табиятка жат өз жынысындагы адамдарга тартылуусу, кумардануусу.

**ГОНОР** Өзүн башкалардан жогору санап көөдөн көтөрүүчүлүк, бой көтөрүүчүлүк.

**ГОНОРАР** Иштеген эмгеги үчүн келишим аркылуу адабиятчылардын, художниктердин, жазуучулардын, адвокаттардын ж.б. ала турган акчасы, калем акы. *Автордук гонорар. Гонорар алуу.*

**ГОРЕЛЬЕФ** *иск.* Денесинин жарымынан жогору чыгып тургандай кылып жалпак нерсенин бетине жасалган скульптуралык сүрөт, жасалга.

**ГОРИЗОНТ** 1. Асман менен жер, суу (океан, деңиз, көл) мейкиндигинин бирибирине тийишкенсип, туташып көрүнгөнсүгөн чеги, сызыгы. 2. Көзгө көрүнгөн мейкиндик, айлана-чөйрө. *Келемин горизонттон горизонт кууп, Асман жер туташ бүтүн! Туташ бүтүн* (Сариева).

**ГОРИЛЛА** Батыш Африкада жашоочу адам сымак эң чоң маймыл.

**ГОРКОМ** *сүйл.* Шаардык комитет.

**ГОРМОН** Ички бездердин чыгарган суюктугу. Ал көбүнчө канга кошулуп, организмге таасирин тийгизет.

**ГОРОНО** *сүйл.* Шаардык элге билим берүү бөлүмү.

**ГОРСОВЕТ** *сүйл.* Эмгекчилер депутаттарынын шаардык совети.

**ГОРЧИЦА** 1. Тамакка сала турган ачуу татымалдын бир түрү. 2. *биол.* Сары кычы. Данынан горчица жасала турган өсүмдүк. *Айгыр каздын буртасын горчицага малып жесең о!* (Сыдыкбеков).

**ГОРЧИЧНИК** Медицинада пайдаланылуучу бир бетине горчица сыйпалган кичине кагаз же кездеме. *Горчичник коюу. Горчичник тартуу.*

**ГОРЧИЧНИЦА** Горчица салынуучу кичине идиш.

**ГОСПИТАЛЬ** Оорукана. Көбүнчө ооруулуу, жаралуу аскерлерди дарылоочу мекеме, оорукана. *Саныман жарадар болуп алты ай госпиталда жаттым* (Жантөшев).

**ГОСПОДИН** Мырза, революцияга чейинки мезгилде – ак сөөктөргө, жогорку

даражалуу адамдарга, азыркы мезгилде – башка мамлекеттердин официалдуу өкүлдөрүнө же граждандарына карата кайрылуунун сылык формасы. *Господинге өзүм барып айтайын, өзү билгендей буюрсун* («Советтик Кыргызстан»).

**ГОСПОЖА** «Господин» маанисинде аялдарга карата кайрылуунун сылык формасы.

**ГОССЕКРЕТАРЬ** Кээ бир мамлекеттерде министрлик же борбордук ведомствону башкарган адам, өкмөттүн мүчөсү.

**ГОТИКА** Орто кылымдагы Европанын бийик келип учтанган жасалгалары, скульптуралык орнаменттеринин көптүгү менен айырмаланган архитектураларынын стили.

**ГОТИКАЛЫК** **готика** дегенге таандык.

**ГОТИКАЛЫК ШРИФТ** Жазылышы өзгөчөлөнүп, учтуу бурч-бурч болуп түшүрүлө турган шрифттер, ариптер.

**ГОТОВАЛЬНЯ** Сызуу, чийүү иштеринде колдонулуучу куралдардын атайын кутуга чогултулган, иреттелген жыйындысы, тобу.

**ГӨДӨӨ** *диал.* Бетеге, көдөө. *Куду тоту куштун жүнүндөй кулпунуп ыргалган гөдөө чөп* (Абдукаримов).

**ГӨЗӨ** 1. Өзүмчүл кишиге какшык иретинде айтылуучу туюнтма. *Гөзөнү үйгө киргизбе, көчүгүнү жерге тийгизбе.* 2. Саптуу кичине карапа идиш.

**ГӨЗӨЛ** *туурасы:* **көзөл.**

**ГӨЙ** Көйгөй. *Кудайым салды шул гөйгө, Кусадар дардим козголду* («Эл адабияты»).

**ГӨӨМҮШ** *диал.* Сүттүү уй.

**ГӨРКОО** *туурасы:* **көркоо.**

**ГӨШ** *диал.* Эт. *Кой гөшү.*

**ГРАВЕР** *сүр.* Жыгач, таш, темир ж.б. оюп сүрөт түшүрүүчү сүрөтчү, адис.

**ГРАВИРЛӨӨ** *сүр.* Гравюра техникасында – тактанын бетин механикалык каражаттардын, көп учурда кесүүчү шаймандар менен тазалап, даярдоо.

**ГРАВИТАЦИЯ** *астр.* Ааламдагы бардык нерселердин өз ара тартылышы.

**ГРАВЮРА** Бети тегиз келген катуу материалга (металлга, жыгачка, айнекке ж.б.) оюп түшүрүлгөн сүрөт жана ушундай сүрөттүн кагаз бетине түшүрүлгөн изи.

**ГРАДАЦИЯ** Акырындап жогорулоо, күчөө. 1. Эволюциянын филогенез процессинде тирүү жандыктардын түзүлүшүнүн баскычтуу жогорулоого умтулушу же баскычтуу өнүгүшү. 2. *адаб.* Белгилүү бир окуянын сүрөттөлүшүн ыргактуу түрдө уламдан-улам күчөтүүчү стилдик ыкмалардын бир түрү. *Аркырап учкан боздун арышына, Жер да тар, асман да тар, аалам да тар* (Осмонов). *Ал Мариям – Бүгүн башка, Эски датын калтырып, Ал Мариям – Бүгүн башчы – Айткан сөзү Жакшылык!* (Бөкөнбаев).

**ГРАДИЕНТ** *физ.* Белгилүү бир физикалык чондуктун өлчөмүнүн мейкиндиктеги өсүшү же кемиши.

**ГРАДУС** 1. Тегеректин 1/360 бөлүгүнө барабар болгон тең бурчтарды жана жааларды өлчөө бирдиги. 2. Температураны (абанын, суунун, адамдын денесинин ж.б.) өлчөө бирдиги. *Күндүн отуз градус ысыгы вагондордун темирлерин каарып турат* (Сасыкбаев). 3. Суюктуктун тыгыздыгын жана спирттин күчтүүлүгүн өлчөө бирдиги.

**ГРАДУСНИК** **термометр** менен бирдей.

**ГРАЖДАН** **гражданин** менен бирдей. *Биздин милдет граждандарды жазалоо эмес, укугун сактоо, актыгына жетүү* (Сыдыкбеков).

**ГРАЖДАНДЫК** 1. Жарандардын укуктук абалына, милдетине таандык. 2. Аскердик эмес, аскер милдетинде болбогон жалпы жарандарга таандык. *Граждандык аба флоту.*

**ГРАЖДАНДЫК ЛИРИКА** *адаб.* Атуулдук лирика, акындын эл-жер, жеке адамдын коом менен карым-катышы жөнүндөгү атуулдук маселелерди көтөрүп чыккан ырлары.

**ГРАЖДАНДЫК СОГУШ** Мамлекеттин өз ичиндеги куралдуу, таптык күрөш, согуш.

**ГРАЖДАНИН к. Жаран.**

**ГРАЖДАНКА** «Гражданин» деген сөздүн аялдарга карата колдонулуучу формасы.

**ГРАМЗАПИСЬ** Музыканы, сөздү граммофондун пластинкасына түшүрүү, жазып алуу. *Москвага Атайдын үчүнчү жолу келиши. Биринчисинде грамзаписке келген* (Каимов).

**ГРАММ** Оордук өлчөмүнүн майда бирдиги. *Ашык бир грамм да суу жок* (Сасыкбаев).

**ГРАММАТИКА** 1. Сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүшүн изилдөөчү морфология жана синтаксистен турган тил илиминин бир бөлүгү. 2. Грамматикалык эрежелер жазылган окуу китеби.

**ГРАММАТИКАЛЫК** **грамматика** дегенге таандык. *Грамматикалык эрежелер. Грамматикалык талдоо.*

**ГРАММАТИСТ** Грамматиканы изилдөөчү жана түзүүчү адис, тилчи.

**ГРАММОФОН** Өзгөчө пластинкага жазылган үндү кайталап берүүчү сурнайдыкындай кең түтүгү бар музыкалык аппарат.

**ГРАМОТА** Сиңирген эмгегин, жетишкен ийгилигин же кандайдыр бир башка иштер жөнүндө белгилеп, күбөлөп көрсөтүүчү атайын документ, жазуу жүзүндөгү официалдуу акт. *Ардак грамотасы. Мактоо грамотасы. Ишеним грамотасы. Ратификациялык грамота.*

**ГРАМПЛАСТИНКА** Граммофондун пластинкасы.

**ГРАН ПРИ** Башкы наам. Кароолордо, фестивалдарда, конкурстардагы жогорку наам.

**ГРАНАТ** *сүйл.* Граната. *Терезеге жакын барып Болотбек Гранатты устү-устүнө ыргытты* (Үмөталиев).

**ГРАНАТА** 1. Артиллериялык жарылуучу снаряд. ‖ Кол менен ыргытылуучу анча чоң

эмес жарылуучу снаряд. *Кол граната. Танкага каршы граната. Чолпонбай болжогон жерине жетип, гранаталарды ыргытты* (Жантөшев). 2. Жеңил атлетикада ыргытуу үчүн жасалган снаряд.

**ГРАНАТОМЕТ** Согушта жакын аралыкка граната атуучу курал.

**ГРАНАТОМЕТЧИК** Кол гранатаны ыргытканга адис жана гранатомёттон атуучу жоокер.

**ГРАНИТ** Кварцтан, талаа шпатынан жана слюдадан турган бүртүктүү түзүлүштөгү катуу тоо тек, таш. *Граниттен жасалган кыргабалдар пальтолорун таштап салышкан* («Жаш ленинчи»).

**ГРАНКА** 1. Корректура үчүн кагазга басылган текст. 2. Ариптерди түзүүгө арналган кичине темир такта.

**ГРАНТ** 1. Илим изилдөөнү жана иштеп чыгууну аткарууга мамлекеттик заказ. 2. Илим изилдөөнү, илимпоздорду, адабият жана искусство чыгармаларынын авторлорун финансылык колдоо үчүн бир жолу бөлүнүүчү акча каражаты. 3. Башка бир мамлекет тарабынан кайтаруусуз негизде берилген акчалай каражат, техникалык жардам ж.б. *Япония Өкмөтүнүн гранты жөнүндө макулдашуу – катты ратификациялоо* (ЖК Жарчысы).

**ГРАФ** Революцияга чейинки Россияда болгон жана Батыш Европа өлкөлөрүндөгү князь менен барондун ортосундагы дворяндык титул жана ушундай титулу бар адам. *Графтын үй-бүлөсү.*

**ГРАФА** Таблицада ж.б. кагаз бетине түшүрүлгөн эки тик сызыктын ортосундагы тилке. *Виктор китепчени барактады да анын графаларына бирдемелерди чие баштады* (Сасыкбаев).

**ГРАФАЛА** Графаларга бөлүү, графа түшүрүп сызуу. *Графалап чыгуу. Графалап сызуу.*

**ГРАФАЛАН графала** этишинин өздүк мамилеси. *Графаланган ар түрдүү таблицалар.*

**ГРАФАЛОО графала** этишинин кыймыл атоочу. *Атайын журнал түзүп графалоо.*

**ГРАФИК** 1. Сандык байланыштарды көрсөтө турган сызык, түрлүүчө абалды, өзгөрүүлөрдү ж.б. сызык аркылуу көрсөтүүчү диаграмма. 2. Иштин нормасын, аткарыла турган убактысын так, ачык көрсөткөн иш планы. *Пахта терүүнүн жана өткөрүүнүн графиги. График боюнча күнүгө 70 центнерден төгүп туралы* (Баялинов). 3. Графика тармагында иштөөчү художник, сүрөтчү. *Биздин республикада графиктердин жана скульпторлордун чоң тобу бар* («Ала-Тоо»).

**ГРАФИКА** 1. Нерсенин сүрөтүн, боёкторду колдонбостон, сызыктар, штрихтер аркылуу түшүрүү искусствосу жана ушундай искусствонун чыгармасы. 2. Жазуу жана басма белгилеринин, тамгалардын тартылган сүрөтү.

**ГРАФИКАЛЫК графика** дегенге таандык. *Графикалык сүрөт искусствосу.*

**ГРАФИН** Суу, вино ж. б. куюуга арналган узун жана ичке моюндуу айнек же хрусталдан жасалган идиш.

**ГРАФИНЯ** Графтын аялы же кызы.

**ГРАФИТ** 1. Карандаш, электротехникалык буюмдарды ж. б. жасоодо колдонулуучу кара көк же капкара түстөгү минерал. 2. Ушул минералдан жасалган карандаштын өзөгү.

**ГРАФОЛОГИЯ** *филос.* Кол жазмасы боюнча адамдардын мүнөзүн жана психикалык абалын аныктоочу окуу.

**ГРАФСТВО** 1. Графтык титул. 2. Феодализм учурундагы граф ээлеген жерлер. 3. Англияда, Ирландияда, АКШда ж.б. бир катар мамлекеттерде ири административдик-территориялык бирдик.

**ГРАФТЫК граф** дегенге таандык. *Графтык титул.*

**ГРЕЙДЕР** Жерди казып, анын топурагын эки жакка төгүп туруучу шайманы бар, сугат тармактарындагы каналдарды казууда, жолдорду тегиздөөдө ж. б. колдонуучу машина.

**ГРЕЙПФРУТ** 1. Сары түстө, кычкылыраак ачуу даамы бар чоң цитрус багы жана анын мөмөсү.

**ГРЕК-РИМ КҮРӨШҮ** Күрөштүн кол менен тулку кыймылына негизделген ыктар колдонулуучу түрү. *Грек-Рим күрөшүнүн негизги максаты – атаандашынын эки далысын тең килемге тийгизүү.*

**ГРЕКТЕР** грек, гречанка. Грециянын негизги калкы, эли.

**ГРЕЛКА** Дененин бир жерине басып жылытуу үчүн ылайыкталып жасалган атайын жылыткыч. *Электр грелкасы. Ичине грелка басуу. Грелкага ысык суу куюу.*

**ГРЕЧИХА** Дан өсүмдүгүнүн бир түрү. *Гречиха канчалык эрте себилсе данынын салмагы ошончолук жогору болот* («Айыл чарба»). *Андан нары мала кызыл агыш гүлдүү талаа жатат, ал гречиха өсүмдүгү* (Абдукаримов).

**ГРЕЧКА гречиха** менен бирдей.

**ГРИЛЬ** Эт жана балык тамактарын даярдоого арналган инфракызыл кыстыргычы бар курал жана анда бышырылган тоок эти.

**ГРИЛЬ-БАР** Тез бышырып, кууруп жасалган тамактарды даярдоочу жай.

**ГРИЛЬЯЖ** Жаңгак кошулган карамель конфет.

**ГРИМ** 1. Сахнага чыгып ойноо үчүн ролго жараша актёрдун бетин боёо, сакал-мурут тагуу ж. б. жолдор аркылуу жасалган кебете, кейип. 2. Гримдөөдө колдонулуучу боёктор жана ар кандай башка нерселер.

**ГРИМДЕ** Актёрдун аткара турган ролуна жараша кейип-кебетени берүү үчүн грим сыйпоо, жабыштыруу.

**ГРИМДЕН гримде** этишинин өздүк мамилеси.

**ГРИМДЕТ гримде** этишинин кыймыл

атоочу.

**ГРИМДЕШ** **гримде** этишинин кош мамилеси.

**ГРИМЁР** Гримдөө боюнча адис, артисттерди гримдөөчү адам.

**ГРИПП** Дем алуу жолдору сезгенүүнүн натыйжасында пайда болгон, этти ысытып, чыйрыктырып катуу кармоочу жугуштуу вирустук оору. Сасык тумоо. *Грипп менен ооруган адамдын эрининде кээде исиркектеген учук чыга калат* («Ден соолук»).

**ГРИФ** 1. Кол коюу үлгүсү же өзүнүн кол жазма белгиси бар мөөр, штемпель жана ошол мөөрдүн документтеги көчүрмөсү. 2. Документтин же иш кагаздардын атайын пайдалануу иретин билдирүүчү жазуу белгиси.

**ГРОССМЕЙСТЕР** Шахмат спортундагы эң жогорку наам жана ушундай наамы бар адам. *Гроссмейстер деген наам алуу. Кыргызстандык гроссмейстер.*

**ГРОССМЕЙСТЕРЛИК** **гроссмейстер** дегенге таандык. *Гроссмейстерлик наам.*

**ГРОТ** 1. Кире бериши кенен, чамгарак шыптуу жапыз үңкүр. 2. Оозу (өткөөл) тар үңкүрдүн кенен бөлүгү 3. Мөңгүнүн этегиндеги чакан үңкүр; андан адатта мөңгү суулары башталат. 4. 16–18-кылымда европалык саябактардагы үңкүр сымал курулмалар.

**ГРОТЕСК** *адаб.* Окуяларды, предметтерди адам мүнөздөрүн адаттан тыш ашырып же фантастикалык ыкта басаңдатып, шылдыңдап көрсөтүү.

**ГРУЗИНДЕР** Грузин, грузинка. Грузия мамлекетинин негизги эли, калкы.

**ГРУЗОВИК** *сүйл.* Жүк ташуучу автомобиль. *Бир грузовик жетип келип дөбөчөгө токтоду* (Сасыкбаев).

**ГРУНТ** *геол.* 1. Топурактын алдындагы жалпы тоо тектери.

**ГРУППА** 1. Бири-бирине жакын байланыштуу бирдикте болгон белгилүү бир топ. 2. Бирдей максатта, идеяда, жумушта ж.б. болгон адамдардын тобу. // Сабакты бирге окуган адамдардын тобу. *Анын үстүнө экөөбүз бир группада болуп калдык* («Ленинчил жаш»). *Группада өтүлүүчү сабак студенттерди кызыктырды* (Бейшеналиев).

**ГУАШЬ** 1. Тунук эмес акварель боёк. 2. Ошол боёк менен тартылган сүрөт.

**ГУБАЛА** *диал.* **зубала** менен бирдей. *өт. диал.* **гүвалак** менен бирдей. *Губала менен урулуп, бирок шыбалбаган дубалдын боору ала көлөкөлөнүп турду* (Абдыраманов).

**ГУБЕРНАТОР** 1. Революцияга чейинки Россиядагы губерниянын начальниги. *Губернатор туш-туш жакка агенттерин, аскерлерин чыгарып, Токашты издете баштайт* (Баялинов). 2. Областтарда эң жогору административдик кызматта турган адам.

**ГУБЕРНАТОРША** *сүйл.* Губернатордун аялы.

**ГУБЕРНИЯ** XVIII кылымдын башынан тартып Россияда жана 1929–1930-жылдары райондоштурулганга чейинки СССРде болгон негизги административдик-территориялык бирдик. *1917-жылы эл чарба советтери губернияларда түзүлө баштады* («Коммунист»).

**ГУДОК** 1. Сигнал берүү үчүн колдонулуучу механикалык ышкырык. 2. Атайын механизм аркылуу берилүүчү созолонгон катуу үн, сигнал. *Таңга маал фабриканын гудогу жаңырды* (Сасыкбаев).

**ГУДРОН** Жол курулушунда, үйлөрдүн үстүн жабуучу жана изоляциялык материал катарында колдонулуучу, кайнатуу жолу менен нефтини бөлүп алгандан кийинки калган кара түстөгү чайырлуу зат.

**ГУЛЯШ** Кезек тууралган уй эти, картошка, кызыл калемпирден демделип бышырылган тамак.

**ГУМАН** *туурасы:* **күмөн**. *Күл маскандын шаарына барган адам келиши гуман.* («Эл адабияты»).

**ГУМАНДУУ** Жүрүш-турушу жана бирөөгө жасаган мамилеси сылык, мээримдүү, адамгерчиликтүү.

**ГУМАНДУУЛУК** Адамгерчиликтүүлүк, мээримдүүлүк, боорукерлик. *Жанболоттун гумандуулугун Гүлай гана түшүндү* (Шимеев).

**ГУМАНИЗМ** 1. Кайра жаралуу мезгилиндеги (XV–XVI кылымдар) адамдын эркин өсүп өнүгүшүн феодализм менен диндин тушоосунан бошотуу принцибин көздөгөн прогрессивдүү кыймыл. 2. Адамдарга боорукердик, камкордук кылууга, жакшы көрүүгө, сыйлоого, урматтоого негизделген мамиле, адамгерчилик. *Патриотизм, гуманизм, чындыкты сүйлөө, акыйкатты сүйүү – улуу акын Токтогулдун кебелбес сапаты эле* (Бөкөнбаев). 3. *адаб.* Адабиятта адамгерчиликти, адам баласына урмат-сый көрсөтүүнү бийик сапат, прогрессивдүү идея катары көтөрүп чыгуу.

**ГУМАНИСТ** Гуманизм идеяларына берилген адам.

**ГУМАНИСТТИК** 1. **гуманизм** дегенге таандык. *Гуманисттик идеялар. Гуманисттик мамиле кылуу.* 2. Гумандуулук.

**ГУНДА** Кара курт. *Гунда, гунда, гунда курт, Жайын билген гунда курт. Курт болсоң куурам, Түбүң менен суурам* (Дарым).

**ГУННДАР** **гунн.** IV кылымда Азиядан Европага басып кирген көчмөн түрк уруулары.

**ГУНЧА** Гүлдүн чанагы. *Ачылганың кызыл гүл Гунчасындай Паризат* (Абдукаримов). *Сен гүлкайыр ачылган, Гунчасы жайнап чачылган* («Эл адабияты»).

**ГУПБАХ** *сүйл.* Түрмө, абак. *Унчукпа... Эмне, мурунга бирди жеп, анын үстүнө гупвахка отургуң келеби.* (Жантөшев).

**ГУРМАН** 1. Кулинариянын сырын табуу, тамактардын түрүн жазаганды билген адам. 2. Даамдуу тамак жасаганды, даамдуу тамак

жегенди билген адам.

**ГУРХАН** *тар.* Кара кытайлар мамлекетиндеги хандын титулу.

**ГУСАР** Падышалык жана кээ бир чет өлкөлүк армиянын венгриялык жеңил кавалериясында кызмат кылган адам, аскердик форма кийинген, атчан аскер.

**ГУСЕНИЦА** Ар кандай кыйын жерлерден өтүп кетүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында трактор, танк сыяктуу машиналарда дөңгөлөк ордуна колдонулуучу чиркелишкен чынжыр түрүндөгү жазы таманы. *Үзүлүп гусеницасы үйдөй танктын, Ордунда ошол чоң танк калды туруп* (Үмөталиев).

**ГУСЕНИЦАЛУУ** Гусеницасы бар, чынжыр темир тамандуу. *Гусеницалуу трактор. Гусеницалуу экскаватор.*

**ГҮБҮР** *туурасы:* **күбүр.**

**ГҮВАЛАК** *диал.* Калыпка куйбастан, сүйрүрөөк формада кол менен ылайдан тоголоктолуп жасалган кыш, колек. *Коргондору булчуңдуу колдору менен куюлган гүвалактардан тургузулган* (Абдукаримов).

**ГҮЗӨР** 1. Кыштактын, шаардын кичине бир бөлүгү, квартал. *Алымкулдар да станциянын арт жагындагы гүзөрдү көздөй басышты* (Абдукаримов). 2. Анча чоң эмес, кичине базар.

**ГҮЛ** 1. Уруктоо, мөмө байлоо, чандашуу процесстери жүрүүгө ыңгайлашкан ар кандай түстөгү желекчелерден жана аларды бириктирген чөйчөкчөдөн ж. б. турган өсүмдүк. *Гүлдөн бал тарткан аарылар.* 3. Ушундай өрчүү органы болгон өсүмдүктүн гүлү. *Алма гүлдөгөн маал.* 3. Кездеменин же башка нерселердин бетине түшүрүлгөн ар кандай гүлдөр. *Бөйрөгүндө кызыл гүлү бар бир чыныны ороп келип Мыскалдын алдына койду* (Сыдыкбеков).

**ГҮЛБОТО** Отко чыдамдуу ылай, топурак. *Анжыянды чалдырган, Гүл ботону алдырган* («Манас»).

**ГҮЛАПСА** Оорунун аты, адамдын боор оорусунун бир түрү.

**ГҮЛБАК** 1. Гүлдүү бакча. 2. Гүлдөгөн жай. *Гүлбагын бузуп, күл кылып, Уратпасак болбос деп, Баш көтөргөн мыктысын, Сулатпасак болбос деп* («Манас»).

**ГҮЛБАРК** **гүлбурак** менен бирдей. *Желбир-желбир желегим, Жең ичинде билегим, Жетпеди, гүлбарк тилегим* (Эл ыры).

**ГҮЛБЕЙИШ** **бейиш** менен бирдей. *Гүлбейиш жолу беш айрык, белгилеп жолуң баса жат* («Эл адабияты»).

**ГҮЛБУРАК** Гүлдүн желекчеси. *Кызды көрсөм – гүлбурак бурагансыйт. Гүлдү көрсөм – кызбурак сылагансыйт* (Байзаков). *Жээгин бербей гүл бурагы ыргалат, Кайдан болсо жыпар бүркүп буруксуу* (Эралиев).

**ГҮЛГҮН** 1.Гүлдөй жайнаган кез, жаштык. *Жадыраган гүлгүн жашка Жарашыгын айтармын* (Бөкөнбаев). *Күн өтүп турса сапар бат, Гүлгүн жаш келбейт катарлап* (Алымбеков). 2. Кызгылт өң, түс.

**ГҮЛДЕСТЕ** Бир тутам гүл, букет. *Гүлдесте жасоо. Гүлдесте берүү.*

**ГҮЛДӨ** 1. Гүл ачуу, гүл алуу. *Жоогазын гүлдөсө да узакка турбайт* (Сыдыкбеков). *Өрүк гүлдөп, жер көгөрүп, көп дарак желге ыргалып, бирин бири ымдашат* (Үмөталиев). 2. Көгөрүү, жашылдануу. *Жаз келди талаа тегиз гүлдөдү* (Шүкүрбеков). 3. *өт.* Жыргап-кууноо, өркүндөө, өсүү. *Элимден кетсем мейличи, Эркиндеп элим гүлдөсүн* (Токтогул). *Гүлдөп өмүр сүргүлө, Эркин ойноп күлгүлө* (Турусбеков). *Гүлдөй турган колхоздун, Күжүрмөн болот жаштары* (Осмонкул).

**ГҮЛДӨН** **гүлдө** этишинин өздүк мамилеси. *Ала-Тоо жери гүлдөнүп, Жаңылык жаңы түр берип* (Бөкөнбаев). *Көк тиреген жандуу чоку, Көк саймадай гүлдөнөр* (Бөкөнбаев)

**ГҮЛДӨӨ** **гүлдө** этишинин кыймыл атоочу. *Өзгөчө дагы гүлдөөгө, Өткөн күн өмүр бербеди* (Нуркамал).

**ГҮЛДӨТ** 1. **гүлдө** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Өсүмдүктөрдү өстүрүү, өндүрүү, жашылдандыруу. *Гүлдөт дыйкан килем кылып жер бетин, Кубансын жер толкундатып келбетин* (Токомбаев). *Мичуриндин сорттору тигип, мектептин мөмөлүү бак-дарагын гүлдөтүүгө киришти* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Жыргатуу, куунатуу. *Жемишти жер бетине сепкен эмгек, Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек* (Бөкөнбаев). 4. *өт.* Өстүрүү, өркүндөтүү, жетилтүү. *Эмгек менен өлкөнү гүлдөттүк* (Сыдыкбеков). *Тарбия үйрөтүп, Жаштарды гүлдөтүп* (Тоголок Молдо).

**ГҮЛДӨТҮҮ** **гүлдөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ГҮЛДҮРӨӨ** *туурасы:* **күлдүрөө.**

**ГҮЛДҮҮ** 1. Гүл өсүмдүктөрү бар, гүлү калың. *Дүйүм гүлдүү, укмуш Чүйдүн талаасы* (Токомбаев). *Аралап гүлдүү бакта басып жүрдүм* (Үмөталиев). 2. Гүлдүн сүрөтү түшүрүлгөн, ар кандай түр салынган. *Бөйрөгү гүлдүү карала чайнек* (Сыдыкбеков). *Көк гүлдүү ак көйнөгү эски болсо да таза.*

**ГҮЛЗАР** Түрдүү гүлдөр тигилген, жашылдандырылган жер. *Университеттин бет алды жайлоо төрүндөй гүлзар экен* (Касымбеков). *Булагыңдан суу ичем, Гүлзарыңдан гүл үзөм* (Үмөталиев). *Арча-Бешик айылындагы үйүмдү, Айлантсам дейм Тютчевдик гүлзарга* (Акималиев).

**ГҮЛКАЙЫР** Сабагы бийик, чоң-чоң ак жана кызыл гүлдүү жапайы өсүмдүк. *Колунда кармаганы апапакай бүрдүү гүлкайыр эмес беле* (Айтматов).

**ГҮЛКАН** *диал.* **гүлзар** менен бирдей.

**ГҮЛКЕШТЕ** Кооз, гүл ырандуу сайма.

**ГҮЛМАНТИ** Чени бар баш кийим. *Башындагы гүлманти, Маанисин чечип жанында, Сүйлөп турат тилмерчи* («Эл адабияты»).

**ГҮЛНАР** 1. Анардын гүлү.

**ГҮЛОЙРОН** Жашында өлгөн, жаш кеткен.

Кыргыз аялдарынын кошогунда айтылат. *Босого таштын боорунан, Боз торгой болуп чакырсам, Болбой кеттиң, гүл ойрон* (Кошок).

**ГҮЛСЕБЕТ** Атайын максат менен себетке салынып коюлган тутам гүл.

**ГҮЛСТАН** 1. Гүлдөгөн, жашылдандырылган жер. *Жерибизди гүлстанга айланттык, Жан аябай күжүрмөндүк зор менен* (Токомбаев). *Жеткен жериң гүлстан Шаар болгон аккан суу* (Алыкулов). 2. Гүлдөп өскөн жыргалдуу өлкө. *Бүгүн союз Кыргызстан, Анда болор гүлстан* (Бөкөнбаев).

**ГҮЛТАМГА** 1. Мөңгү барстарына таандык кара-күрөң белги-тамга. Тегерегирээк, көрүнүшү боюнча көз мончок гүлгө окшош болот. 2. Барстын илбирс менен кабыландан айырмалап туруучу белгиси. *Ал гүлтамгалаш мөңгү барстарынын бири каскактай болуп чыга калбасын деп артына бурула карап да келатты* (Айтматов).

**ГҮЛТЕСТЕ** *туурасы:* **гүлдесте.**

**ГҮЛҮСТӨН** 1. **гүлзар** менен бирдей. 2. Жайнаган, гүлдөгөн, жайдары. *Узактадым кырчын жаштан гүлүстөн* (Токомбаев). 3. Көбүнчө аялдар өлгөн күйөөсүн кошуп ыйлаганда, эскергенде колдонулат. *Гүлүстөнүм Күлчоро* («Сейтек»).

**ГҮЛХАН гүлзар** менен бирдей. *Диваналар бир бөлөк, Гүлхан урган жеринде* («Эл адабияты»).

**ГҮЛЧАЙЫТ ӨМҮР** Гүлгө бөлөнгөн, гүл жыттанган, гүл жыты тазалаган, гүлгүн өмүр деген мааниде. *Күчүктүн изиндей гүлчайыт өмүр жол маңдайга жазылган беле?*

**ГҮЛЧАМБАР** 1. Башына кийип же мойнуна тагып алуу үчүн алкак кылып өрүлгөн гүл. *Гүлчамбар болсом башыңа, Ороп алып баскандай* («Эл ырлары»). 2. диал. Клумба, гүл өстүрүлгөн кичинекей аянтча. *Гүлчамбардай гүлдөйсүң.* 3. Алкакка жалбырак аралаш өрүлүп коюлган гүл топтому, венок. *Андыктан жаштар эскерип дайым, Гүлчамбар коёт майрам сайын* (Абдыраманов).

**ГҮЛЧАТАЙ** *диал.* 1. Кичине нандын бир түрү. 2. Жука жайылып, чарчы кесилген камырдан жасалган тамак.

**ГҮЛШИРЕ** Гүлдөгөн өсүмдүктөрдөн бөлүп алынуучу таттуу шире.

**ГҮНДӨӨ** Кишен, кол-бутка салынуучу кишен. *Күйгүзүп күнгө кактаган, Бандилер ыйлап даттанган. Бутун салып гүндөөгө, Тарамышын кыйдырган* (Барпы).

**ГҮР** *туурасы:* **күр.**

**ГҮҮ** Дуулдап күркүрөгөн, катуу күрүлдөй чыккан табышты, же дубал кулаганда, жер ураганда чыккан өңдүү доошту билдирүүдө колдонулат. *Гүү этип жар урады. Деңиз толкуну гүү-гүү этип, аскаларга урунат.*

**ГҮҮЛДӨ** Гүү-гүү этүү, гүү-гүү эткен добуш чыгаруу. *Гүүлдөгөн замбиректин үндөрү* (Маликов). *Үйдүн морусунан гүүлдөгөн кандайдыр бир көңүлсүз дабыш угулуп турат* (Абдукаримов).

**ГЫМ** *диал.* Түтөк.

**ГЫПЫН** *диал.* Аарынын бал уясы.

# Д

**ДА I** Бир өңчөй мүчөлөрдү жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат. *Ой да, кыр да, тоо да, таш да – бүтүн жер жүзү аппак!* (Сыдыкбеков). *Алайда кыш узак болот да, кош кеч чыгат* (Жантөшев).

**ДА II** 1. Аныктоо, ырастоо, тактоо, күчөтүү маанисинде колдонулат. *Ал мурункуларга караганда жаш да, билимдүү да* (Сыдыкбеков). *Сайдагы түн көрктүү да, коркунучтуу да!* (Айтматов). *Чаргын ага караган да жок, экинчи ооз ачып айткан да жок* (Сыдыкбеков). 2. Бир нерсеге таңдануу маанисинде колдонулат. *Радиоприемник сүйлөбөй калыптыр да! Омор кетип баратат да!* 3. Кекетүү маанисин берүүдө колдонулат. *Күлкүлөрү таш жарат да* (Сыдыкбеков). *Билгениң ушул экен да!*

**ДАА** Батынуу, тартынбоо, тайманбоо. *Карып иттен даап үйгө кире алган жок* (Абдукаримов). *Сарыбаш Алымкулга даай албады* (Абдукаримов). *Жолойго жардам берип кармашууга эч жылкычы даабайт* (Жантөшев).

**ДААКЫ** 1. Жаныбарлардын жазында түлөп түшүүчү жүнү. *Тайлар даакы жүнүн таштап кулундар алда качан кара кулак болгон* (Жантөшев). 2. Түгүн сыртын каратып кулундун терисинен жасалган тон. *Даакылары тытылып, Балдар ыйлап бойбойлоп* («Манас»). *Үстүнө кулун даакы кийген бай күйөө колуктуга жаккан жок* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Тытылып, самсаалаган, абдан эскирген кийим, төшөнчү ж.б. *Даакысы кетти тытылып* («Манас» С.К.).

**ДААКЫЛ //ДАКЫЛ** Орток болуучу, катышуучу.

**ДААКЫЛАН** Даакысы чыгуу, эскирүү, жыртылуу, самсаалоо. *Даакыланып бүткөн кийим.*

**ДААКЫЛУУ** Жазгы жүнү түлөй элек, даакы жүнү бар, даакысы түшө элек. *Жазга жакын болгондо, Даакылуу тайлар чуркашат* (Осмонкул).

**ДААЛДА** Бир нерсени көп элес албай дуулдап жүрө берүү, эч нерсе жашырбай ачык болуу. *Ыйлаак Мамыркандыкына келгенде даалдап алабарман жүрө берүүчү* (Байтемиров). *Көчөр даалдаган ак көңүл, ачык* (Бейшеналиев).

**ДААЛДАК** Көңүлүнө кир сактабаган, кытмырлыгы, арамдыгы жок, куулукту билбеген, ак көңүл.

**ДААЛДАТ** **даалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДААЛДОО** **даалда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДААМ** 1. Бир нерсени жегенде, ичкенде, татканда тил аркылуу сезилген татыгы, татым. *Тамактын даамын киргизген, Татыта турган туз болот* (Осмонкул). *Алмаңдан бирди ыргытчы, Даамын татып көрөйүн* (Маликов). 2. Тамак, оокат. *Эрке кыз дасторкондогу даамдарды аялдардын астыларына ыйгара берди* (Байтемиров). 3. *өт.* Маани, маңыз, мазмун, мазе, кызыктуулук. *Сөздөрүңүн даамы жок, Күүлөрүңдө маани жок.*

**ДААМ СЫЗУУ** Тамак ичүү, тамак ооз тийүү. *Кимдин даамын сызсаң, миң күнү салам берип, ошол кишини сыйлап жүр* («Жомоктор»).

**ДААМДАН** Тамакты, дарыны ж.б. ичкенде, жегенде даамы келүү, даамы билинүү, татуу. *Алима эже мөөндөгү сары майды алды менен өзү жалап көрдү. Кандай сонун даамданат* (Байтемиров).

**ДААМДАНТ** **даамдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДААМДАНУУ** **даамдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДААМДАШ** Бирге жүргөн, бирге даам татышкан, туздаш. *Нечен жылдан бери туздаш, даамдаш болуп жүргөн* (Жантөшев).

**ДААМДУУ** 1. Даамы жакшы, ширелүү, таттуу. *Ашканабыздын кызматкерлери бизди даамдуу бышырылган тамактар менен камсыз кылып турат* («Кыргызстан аялдары»). *Жакшы санаалаш адамдарың менен жеген тамак даамдуу болот* (Абдумомунов). 2. *өт.* Маанилүү, таасирлүү, кызыктуу, маңыздуу, мазмундуу, мазелүү. *Мени аяп бекер кайгы жебегин, Супсак ырды даамдуу ыр дебегин* (Осмонкул). *Ырынан такалбай даамдуу сөздөрдү куюлуштуруп айдата берди* (Каимов).

**ДААМДУУЛА** Даамдуу, ширелүү жасоо, даамына келтирүү. *Даамдуулап тамак берди. Тамагын даамдуулап жасады.*

**ДААМДУУЛУК** Даамы жагымдуулук,

ширелүүлүк, татымдуулук. *Айрандын даамдуулугунанбы, Ызакул шыпкап ичти* (Бейшеналиев).

**ДААМОЛДО** *сүйл.* **дамбылда** менен бирдей. *Жок, убара кылбайын десең, анда ал дамбылда о катта мечиттин эле түбүндө турат* (Даникеев).

**ДААМЫН ТАТУУ** *өт.* Кандайдыр бир нерсенин, иштин кынуусун алуу, анын пайдалуу, жакшы, жагымдуу экенин билип, кызыгып калуу, кыныгуу. *Андай бекер оокаттын даамын таткан неме ал жерден оңой менен кетпейт* («Чалкан»).

**ДААНА I** Бирдей, окшош нерселердин эсебин, санын билдирүүдөгү бир үлгүсү, айрым саны, экземпляр. *Пилланын жүз даанасы сексен грамм болсо, миң даанасынан сегиз жүз грамм аламын* (Таштемиров).

**ДААНА II** 1. Ачык-айкын, так, таамай, таасын. *Окуянын качан болгонун эч ким даана билбейт* (Токомбаев). *Берилей түшкөндө Урумкан энени даана тааныдым* (Бейшеналиев). 2. Иштин жөнүн билген, акылдуу, эстүү. *Батыйма оор басырык, токтоо, жай жана кыска сүйлөгөн даана келин экен* (Убукеев). *Кырк чоронун даанасы, Кутубийдин баласы* («Сейтек»).

**ДААНАЛА I** Ар бир даанасы боюнча эсептөө. *Беш дааналап бөлүштүрүү. Жүз дааналап алуу. Дааналап санап чыгуу.*

**ДААНАЛА II** Аныктоо, тактоо, айкындоо. *Дааналап жакшы караса, Асылдын күткөн даанасы* (Жантөшев). *Эмне болсо да Андрей Барпынын максатын дааналап түшүнүүнү ойлоду* (Байтемиров).

**ДААНАЛАН даанала II** этишинин өздүк мамилеси. *Агып жатса түгөнгүс, Дааналанган өнөрдөн* (Элебаев).

**ДААНАЛОО даанала II** этишинин кыймыл атоочу.

**ДААНАЛЫК** 1. Ачыктык, тактык, аныктык, ачык-айкындык. *Ой-пикири дааналык жана көркөмдүк жагынан жогору турат* (Таштемиров). 2. Эстүүлүк, акылдуулук, билгичтик, даанышмандык. *Дааналыгын билгизүү. Дааналык жайы бар.*

**ДААНЫШ** *сейр.* Даанышман, белгилүү. *Душман ыгын бек билген, Дааныш болгон Күлчоро* («Сейтек»).

**ДААНЫШМАН** Акылман, ар нерсенин жөнүн билген, көсөм, билимдүү, кеменгер. *Ар ишти салат жөнүнө, Акылы толук даанышман* (Осмонкул). *Коркут-Ата даанышман, кутулам деп өлүмдөн, төрт тарапты кыдырган* (Арстанбек).

**ДААНЫШМАНДЫК** Акылмандык, ар нерсени билгендик, билимдүүлүк, кеменгерлик, көсөмдүк. *Даанышмандыгына калет жок.*

**ДААР: бир даар** *же* **бир даары** Кээ бир, бир топ, бир кыйласы. *Балдардын бир даары комбайнды мактоого ала баштады* (Таштемиров).

**ДААРАТ** *дин.* Намаз окуу үчүн, Куран окуу (кармоо) үчүн жана диндик жөрөлгөлөрдү орундатуу алдында белгилүү эрежелерге ылайык жуунуу камылгасы, жөрөлгөсү. *Салык даарат алып, намаз окуй баштады* (Каимов). *Азанга даарат албадым* («Кедейкан»). *Кол даараттын алып ал, Бутуңду сууга салып ал* («Семетей»). *Алып даарат суусунан* («Манас» С.О.).

**ДААРАТ СЫНДЫРУУ** Түзгө отуруу, табигый муктаждыктан кутулуу. **В.: Даарат ушатуу.** *Молдо калп эле даарат ушатканы ары басты* (Сасыкбаев).

**ДААРАТКАНА** Адамдар заара кылуу үчүн атайын жасалган жай. *Нурмат азырынча оор жумушка жарабай короону шыпырат, даараткананы тартипке келтирет* (Абдукаримов).

**ДААРАТСЫЗ** 1. Даарат албаган, даараты жок. *Даарaтсыз намазга барбайт.*

**ДААРАТТАН** Даарат алуу. *Даараттанып алып намаз окуду.*

**ДААРАТТЫК** Даарат алуу үчүн камдалган, даарат алууга жетерлик. *Даараттык суу.*

**ДААРДА** Көптөп бирөөнү уруу, сабоо, токмоктоо. *Башыңдан ылдый сорпо куюп, өзүңдү даардап салалыбы* (Сыдыкбеков). ‖ Тырмап тыткылоо (көбүнчө башка карата).

**ДААРУУ** 1. Бир нерсеге тийип өтүү, жакындоо. *Ок даарыган адамча, Оңкосунан кетти эми* («Эл адабияты). 2. *өт.* Жогорку күчтөрдүн адамга кандайдыр кереметтүү нерсени, күчтүү талантты тартуулап өтүшү. *Кыдыр даарып кыйланы, Алып турган кези экен* («Манас» С.К.).

**ДААРУУ даары II** этишинин кыймыл атоочу.

**ДААРЫ I: бир даары** Бир тобу, бир катары, айрымдары. *Бир даары Ажар менен Каныбектин качканына ишенбеди* (Жантөшев). *Тим эле комбайндын атасы экен деп, балдардын бир даары комбайнды мактоого ала башташты* (Таштемиров)

**ДААРЫ II** 1. Жакындап тийип өтүү, жанып өтүү, учкаяк тийип кетүү, тийүү. *Ага даарымак түгүл деги жакындап да койбосо керек* («Чалкан»). *Сырт жагын даарыса, Ичинде өтү жарылат* («Манас»). Жакындоо, жакын жолоо, жакындоого батынуу. *Дарбазаны бекитсе, Даарый албайт эч адам* («Эр Табылды»). 2. Күчөө. *Уламдан-улам даарып баратат.*

**ДААРЫҢ** *арх.* Жогорку даражалуу киши, мансап. *Качкын кыргыздарга 1916–17-жж. ошол даарың көрбөгөндү көрсөттү* (Карасаев).

**ДААРЫП** Сыпаттоо, сүрөттөө.

**ДААРЫТ даары II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жанына жакын даарытпады.*

**ДААСЫН** *туурасы:* **таасын.**

**ДААТ** Арыз-муң, өтүнүч, тилек. *Кудайга даат кылдым – деп* («Манас» С.О.).

**ДААЧАН // ДААЧАН КЫТ** Жез тыйын, чака тыйын. *Он эки күндөн бери иштеген акысы үчүн, Супахандан жыйырма даачан алып, Айбадак, Самсахундар менен коштошту* (Жантөшев).

**ДАБА** 1. Дары катары колдонулуучу ар кандай каражат, себепчи, дары. *Даба таппкан ооруга, Билимдүүдөн шайлайбыз* (Осмонкул). *Даба таптың жылан чаккан этиме.* (Үмөталиев). 2. Амал, айла, ылаажы. *Мындайда доктурдан башка даба жок* («Кыргызстан аялдары»). *Тагдырга эч даба жок* (Сасыкбаев). 3. Күч, ал, чама. *Омор Чоюн кулак алптын даба жетпеген эрдигин мактоочу* (Сыдыкбеков). *Нарынды бууп салууга кимдин дабасы жетмек* (Сасыкбаев).

**ДАБАА** *туурасы:* **даба.**

**ДАБААН** *туурасы:* **дабан.**

**ДАБАКӨЙ** *сейр.* Амал-айлалуу, сыйкырдуу, дубакөй. *Ай-ааламдын баарысын Учуп жүрүп кыдырган Дабакөйү бар экен* («Семетей»).

**ДАБАН** Ашуу, бел. *Дабандан ашып өтө албай, Канаттуу куш талыган* (Барпы). *Ач кайкаңдуу муз дабан.* («Манас» С.О.). *Ашуу бийик дабанбы, Акылман аке аманбы?* («Эл адабияты»). *Куюндуу шамал айланат, Кырбуулу дабан белести* («Эл адабияты»).

**ДАБДААРУУ дабдаары** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБДААРЫ** 1. Абдан чаалыгып алдан кетүү, дабдыроо, шайы кетип теңселип калуу. *Бир аз желгенден кийин бээ желүүгө жарабай дабдаарып, ыргалып калды* (Сыдыкбеков). 2. Апкааруу, эмне дээрин билбей калуу, далдыроо. *Шагы сына түшкөн бай не дээрин билбей дабдаарыды* (Сыдыкбеков).

**ДАБДААРЫТ дабдаары** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАБДЫРА** 1. Алсыроо, мууну бошоо, алы кетүү. *Муштап өтсө желкеге, Муунум калат дабдырап* (Токтогул). *Жети муштум, бир тепсе, Кала берем тура албай, Жетимиш мүчөм дабдырап* (Бөкөнбаев). 2. Эмне кыларын билбей калуу, далдыроо.

**ДАБДЫРАҢ** Малдын жаш төлүндө кезигүүчү ыландын бири.

**ДАБДЫРАҢДА** Абдан ал кетүү, ал-күч кетип чарчоо, темтеңдөө, дарманы кетүү. *Туруп калды Койкүрөң дабдыраңдап алактап* («Курманбек»).

**ДАБДЫРАҢДАТ дабдыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАБДЫРАҢДОО дабдыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБДЫРАТ дабдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАБДЫРОО дабдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБУЛ дабыл** менен бирдей.

**ДАБЫЛ** *диал.* Урма аспап, барабан. *Ызылдаган кыйкырыктан, дабылдын үнүнөн, ат туягынан жер дүңгүрөдү* (Касымбеков).

**ДАБЫЛА** Кароол, бута. *Дабыла тигип биздерди, Мылтык менен атканың* («Эл адабияты»).

**ДАБЫЛПАЗ** Барабан уруучу. *Абдулазиз ясаулбашы ордунан атылып туруп: – Ур! – деди дабылпаска, өзү шашып жоо кийимин кие баштады* (Касымбеков).

**ДАБЫР** Дабырай чыккан дабыш; дабыраган дүбүрт, дабырт. *Кубулгөн алмалардын дабыры угулат.*

**ДАБЫРА** Дабыр-дабыр этүү, дабыр-дүбүр эткен дабыш чыгаруу, дабырттоо. *Кара жамгыр дабырап, Куюп турду асмандан* (Тоголок Молдо). *Дабырабай кырк жигит, Бириң издеп таап ал* («Кедейкан»).

**ДАБЫРАТ дабыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Дабырата желгени, Колго жакын келгени* («Манас»).

**ДАБЫР-ДАБЫР** Ири тамчылуу жамгырдын, мөндүрдүн жаагандагы урунган дабышын, алма, өрүк сыяктуу мөмө-жемиштердин күбүлө жерге түшкөндөгү дабыртын, топурата басылган дүбүрттү ж.б. билдирүүдө колдонулат. *Дабыр-дабыр дабырап, Алма жыйсак ыр ырдап* (Осмонов). *Вагондун ичи заматтын ортосунда дабыр-дүбүр этип, кыжы-кужуга толо түштү* (Абдумомунов).

**ДАБЫРКАЙ** Карагайдын чайыры.

**ДАБЫРКАЙЛУУ** Дабыркайы бар, чайырлуу. *Дабыркайлуу карагай.*

**ДАБЫРЛА** Дабыр-дабыр этүү, дабыраган, дүбүрөгөн дабыш чыгаруу, дабырттоо. *Кек сактаган чунактар, Туш-тушунан дабырлап* («Олжобай менен Кишимжан).

**ДАБЫРЛАТ дабырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАБЫРЛОО дабырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБЫРОО дабыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБЫРТ** Дабырт-дүбүрт эткен, тапыр-тупыр эткен дабыш, дабыраган дүбүрт. *Аттардын дабырты капчыгайдын оозун көздөй жөнөгөндө басмачылар дабыртты кубалап атышты* (Токомбаев).

**ДАБЫРТТА** Дабырт-дүбүрт эткен добуш чыгаруу, дүбүрттөө. *Барабыз кетип дабырттап, Кыраан куштай чабыттап* (Элебаев). *Тоңголок жол экилүү дабырттап, кез-кез гана чаң бөлүнүүдө* (Сыдыкбеков).

**ДАБЫРТТАТ дабыртта** этишинин аркылуу мамилеси. *Түнү бою брезент чатырды дабырттатып сабалаган жаан өтпөгөн менен, тынчты алып уйку бербеди* (Бейшеналиев).

**ДАБЫРТТОО дабыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАБЫШ** Угуу органдары аркылуу сезилген, кабыл алынган ар кандай үн, добуш,

табыш, дүбүрт, шыбыш ж.б. *Жаш эскирип айрылдым, Жаңырган кукук дабыштан* (Токтогул). *Дүң эткен дабыш чыкты* (Абдукаримов). – *О, үйдө жылкычылардан барбы? – деген тыштан дабыш чыкты* (Жантөшев). *Шырп эткен дабыш жок* (Абдукаримов).

**ДАБЫШСЫЗ** Кандайдыр бир угулган же билинген дабышы жок, дабышы, үнү чыкпаган. *Жата бердиң дабышсыз, Көкүрөк ачып дем албай* (Бөкөнбаев).

**ДАБЫШТА** Дабыш салуу, үн салуу, үн чыгаруу. *Айша өзүнүн келгенин дабыштагандай акырын жөтөлүп койду.*

**ДАБЫШТАН дабышта** этишинин өздүк мамилеси. *Каарланып күпүлдөп, Дабыштанып дүпүлдөп* («Манас»),

**ДАБЫШТОО дабышта** этишинин кыймыл атоочу. *Эй, ач! – деп, дабыштоого оозу барбайт* (Осмонов).

**ДАБЫШТУУ** Дабышы бар, дабышы катуу, үндүү. *Чоордун кош дабыштуу үнү чоордун ичинен эмес, өпкөнүн адам билбеген туңгуюк түпкүрүнөн чыгып жаткандай болду* (Жантөшев).

**ДАВА** *туурасы:* **даба.**

**ДАВАНЬ** Азыркы Ферганайын кытайча аталышы. *Таластан ашып, хунтайшиси эски ханзу жазмасынан көргөн Давань чөлкөмүнө жайыла түшүп ийилди* (Касымбеков).

**ДАВДАРАК сейр.** Бак-дарак, тал-терек менен бирдей. *Иңирден кийин көз кайкыган талаалар ого бетер ээнсиресе, анда али давдарагы жокко эсе кыштак караңгылыкка чөгүп бараткансып...* (Мавлянов).

**ДАВЕНЕОЗ** Тоок, күрп, цесарка жана жапайы куштардын ичегисин дартка чалдыктыруучу гельминтоз ылаңы.

**ДАВЕРДЕС** 1. *Диал.* Кажырлуу, кайраттуу. 2. Күрсүйгөн, күржүйгөн. *Миңбай – кыймыл аракети чапчаң, көрүнүшү кайраттуу, давердес чал* (Абдыраманов).

**ДАВЛА дабыла** менен бирдей. *Давла атышып, өзлөрүнчө сейилдешип, көбүнчө Даравут-Коргондо эле жатышчу* (Касымбеков).

**ДАГАЛ** *диал.* Одоно, орой. *Чапчаң урунат бечара, бир жеринен дагал көрбөйсүң* (Мавлянов).

**ДАГАР** Зумбал, кап. *Бир дагар буудайды атыма арта салынып келдим.*

**ДАГАРА** Кир жууганга ылайыкталып, каңылтырдан, тунукеден ж.б. жасалган тегерек же сүйрү формадагы үй буюму, чылапчын, илеген. *Жууп жаткан көйнөк-көнчөктөрүн чоң дагарадагы көбүктөнгөн сууга матырып тура калды* («Кыргызстан аялдары»).

**ДАГДААРЫ дабдаары** менен бирдей. *Дагдаарып, кыйналып турушканда байдын куугунчулары буларды кармап алышат* (Баялинов).

**ДАГДАГАЙ** Кең көкүрөк, төшү жайык, дагдайган. *Ийиндүү дагдагай жигит.*

**ДАГДАЙ** 1. Кең көкүрөктүү, төшү жайык болуп көрүнүү, далдаюу. *Көкүрөгү дагдайып, Көрүнүшү балбандай* (Калык). 2. Көкүрөгүн ачык коюу, жагжаюу, кымтыланбоо. *Белек койчу дагдайып, төшүн жайып койду* (Убукеев).

**ДАГДАЙТ дагдай** этишинин аркылуу мамилеси. *Акунжан да кең көкүрөгүн дагдайтып, эрдемсип жүрөт* (Байтемиров).

**ДАГДАҢ-ДАГДАҢ** Кең көкүрөктүү, төшү жайык кишинин же көкүрөгү дагдайып ачыла энтендей жүргөн кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Дагдаң-дагдаң желе басуу. Көкүрөгү дагдаң-дагдаң этүү.*

**ДАГДАҢДА** Дагдаң-дагдаң этүү, жакасын эркин коё берип шашкалактап, энтендеген кыймыл-аракетте болуу. *Дагдаңдап бул катарда Келгенбай бар, Боо чечип, үзүк сыйрып жүгүн таңган* (Турусбеков). *Экөөнү эки жигит суулукташып, Дагдаңдап кыйналыша келе жатыр* (Токомбаев).

**ДАГДАҢДАТ дагдаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Мени эркиме койбой дагдаңдатып жетелеп алды* (Каимов).

**ДАГДАҢДОО дагдаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАГДАЮУ дагдай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАГДЫ** Көнүмүш, көндүм болуп калган адат. *Эртең менен муздак сууга жуунуу ага дагды болуп кетти.*

**ДАГДЫЙ дагдай** менен бирдей. *Көкүрөгү дагдыйган балбандар да жумушта* (Сыдыкбеков).

**ДАГДЫЛАН** Дагды болуп кетүү, көнүмүш адат болуп кетүү. *Нуркасым шахтёрлук жумушка абдан дагдыланып калган кезде армияга чакырылды* (Сасыкбаев).

**ДАГДЫЛАНТ дагдылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАГДЫЛАНУУ дагдылан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАГДЫР** *туурасы:* **тагдыр.**

**ДАГРА I** *туурасы:* **дагара.**

**ДАГРА II нагара** менен бирдей. *Алты мыктуу балбанга, Дагра чалып ойнотуп* («Сейтек»).

**ДАГЫ I** Мындан ары да, мындан кийин да, жана да. *Карымшак дагы атты* (Байтемиров). *Бурулча аздан кийин дагы сөзүн улап кирди* (Байтемиров). *Кемпир дагы бир сөз айтчудай эптенип токтолду* (Сыдыкбеков).

**ДАГЫ II** Өзүнөн мурунку сөздү өзгөчө белгилеп, аны тактап көрсөтүү же карама-каршы маани берүү үчүн айтылат. *Биз дагы адам баласыбыз го* (Бектенов). *Ошолордун ичинде, Баатыр Кошой дагы бар* («Манас»).

**ДАГЫ III** Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөрдү

же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу үчүн колдонулат. *Бирок кыз дагы, эне дагы уктаган жок* (Айтматов). *Карагай дагы, кайың дагы, тал, терек дагы курулушка керек* («Жаш ленинчи»).

**ДАГЫРА** *туурасы:* **дагара.**

**ДАДА** 1. Карыган малай аял (түпкү мааниси). 2. *өт. диал.* Ата.

**ДАДАИЗМ** XX кылымда Батыш Европа искусствосунда пайда болгон модернисттик багыт. Ага ар кандай кокусунан урунган буюмдун комбинациясы, сөздөрдү маанисиз айкаштыруунун натыйжасында аларды демейки көнүмүш мазмунунан ажыратып, өзгөчөлүктүү жаңы маани берүү, «образсыз» образ жаңы жаратуу аракети мүнөздүү.

**ДАДАИСТ** Дадаизмдин өкүлү, ошонун жолун жолдоо.

**ДАДИЛ** Тың, сергек, чыйрак, дилгир. *Мен көптөн бери Салиманы байкап жүрөм, акыл-эси дадил өзү өтө дилгир, адептүү кыз* (Абдукаримов).

**ДАЕК** Ат чабышта коюлган байге. *Даегимди бер.*

**ДАЕКЧИ** 1. Ат чабыштын байгесин бөлүштүрүүчү жана ушул ишти тийиштүү эрежеси менен алып баруучу адам. *Каныбек даекчилер кармап турган козулардын бирин тандап, эңип алып кете берди* (Жантөшев). 2. *эск.* кыбачы менен бирдей.

**ДАЖААЛ** *туурасы:* **тажаал.**

**ДАЙДЖЕСТ** Ар кандай газета, журналдардагы кызыктуу жарыяларды толук же кыскача кайра басып чыгаруу. Кыскача баяндоо.

**ДАЙИЗ** *диал.* 1. Катынына жеңе болгон адам. 2. Бетпак, митаам. *Тек, көз алдында жек көрүмчү ит шүмүрөйүп турду. «Оо, дайиз Жолборс!» деп ызырынды ал* (Жигитов).

**ДАЙРА** *сүйл.* Дарыя. *Дайранын көркү кемеде, Баланын көркү энеде* (Токтогул). *Мен баштайын эмесе, Нарын дайра кең суудан* (Тоголок Молдо). *Биз Чыңгыз Айтматовдун дайрасына кошулганбыз* (Жакиев).

**ДАЙРУУ** **дайры** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЙРЫ** 1. Канат жазып күүлөнүү, умтула канат күүлөө, канат сермей күүлөнүү. *Канатын анда-санда ирмеп асманга дайрып бараткан баарчын* (Токомбаев). 2. *өт.* Умтулуу, бир нерсеге аракет жасоо. *Дайыны жок жумушка Дайрыган менен жетеби* («Курманбек»).

**ДАЙРЫТ** **дайры** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЙЫМ** Ар убак, ар качан. *Эшим дайым күлүңдөп турган бакыракай көздүү, далдайган чоң киши* (Байтемиров). *Ышкынаалы кыйын мергенчи болбогону менен бир мылтык дайым үйүндө туруучу* (Байтемиров).

**ДАЙЫМА** **дайым** менен бирдей *Дайыма малдын этин жеп жүргөн кишиге куштун эти кандай таттуу* (Каимов). *Көбүнчө пилла түрүүчү цехтерге ысык суу жана буу дайыма керек* (Сасыкбаев).

**ДАЙЫН I** Кабар, дарек, жөн-жай. *Каныбектин дайынын билүү үчүн кеткен Алымдан эч кабар жок* (Жантөшев). *Жесир калган Бурулча, Айтайын анын дайынын* («Манас»). *Бекендин да, Айдайдын да дайыны билинбейт* (Каимов).

**ДАЙЫН II** 1. Ачык-айкын, белгилүү, маалим. *Өзүнүн өнөрү аркасында. Аксылыктарга бат эле дайын болду* (Бөкөнбаев). *Киевде бир ай туруп келатканы Тарастын өз сөзүнөн болду дайын* (Абдыраманов). *Байкагын кедей, сөзүмө, Манаптар дайын өзүңө* (Тоголок Молдо). 2. Өз ордунда, белен, даяр. *Азыр жанымда майым, Мына муздак суу дайын* (Шүкүрбеков).

**ДАЙЫН ОТУ ЖОК** Дайынсыз, дарексиз, ың-жыңсыз. *Ошол бойдон дайын оту жок кетти.*

**ДАЙЫНДА** 1. Кандайдыр бир ишке коюу, бекитүү. *Олтургандар Нинаны комсомолдук жаштар звеносуна звеновой кылып дайындап коюшту* («Кыргызстан аялдары»). *Эки адамды бадачы кылып дайындасак түзүк болгону турат* (Бейшеналиев). 2. Тапшыруу, табыштоо. *Мен Мырзабайга абдан дайындап айттым* (Сыдыкбеков). *Жетелеп атам колдон алып келип, Детдомго дайындады мени берип* (Абдыраманов). ‖ Баяндоо, билдирүү. *Ыр менен Барпы дайындайт Улуу элдин эрдигин* (Барпы). 3. Даярдоо, белендөө, даяр кылуу, жайгаштыруу. *Андрейдин аялы бар тамагын дайындап, күтсө да келбегенден кийин жеткирип берүүгө аргасыз болду* (Сасыкбаев). *Артём мурун дайындап койгон түйүнчөгүн ала коюп, ары жакта турган Капитанга ыргытып жиберди* (Жантөшев).

**ДАЙЫНДАЛ** **дайында** этишинин туюк мамилеси. *Шейше колхозуна агроном болуп дайындалды* («Ала-Тоо»).

**ДАЙЫНДАН** **дайында** этишинин өздүк мамилеси. *Сатар үйүнө барып, дайынданып турмак болду.*

**ДАЙЫНДАТ** **дайында** этишинин аркылуу мамилеси. *Түш оогон кезде Кудайназар дайындатып койгон чобурун минип, Муслимахун Ошко карай жөнөп калды* (Жантөшев).

**ДАЙЫНДАШ** **дайында** этишинин кош мамилеси.

**ДАЙЫНДОО** **дайында** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЙЫНДУУ** Белгилүү, ачык-айкын, орундуу. *Бака-шака бардыгы, Дайындуу бир сөз угулбайт* (Токтогул). *Дайындуу ооруң бар болсо, Дарысын ичсең жакпайбы* (Осмонкул).

**ДАЙЫНДУУЛУК** Орундуулук, ачыктык,

тактык, белгилүүлүк.

**ДАЙЫНСЫЗ** 1. Дарексиз, кабарсыз, белгисиз. *Биздин дайынсыз жоголушубуз айылга балким чоң бүлүк салгандыр* (Каимов). *Бегайымдын өлүү же тирүү экени дайынсыз* (Жантөшев). 2. Ыксыз, орунсуз, обу жок. *Баланы ким жаман көрсүн, жолдош, Дайынсыз эркелетүү болбос* (Шүкүрбеков). *Дайынсыз бере бергендей, Талаада жаткан мал барбы* («Курманбек»).

**ДАЙЫНСЫЗДЫК** Белгисиздик, кабарсыздык, ачык эместик. *Дарыяхандын начарлашына Алымдын дайынсыздыгы чоң себеп болду* (Жантөшев).

**ДАЙЫНЫ ЖОК** Орунсуз, болбогон, тантырак, жөнү жок. *Дайыны жок сөздүн эмне кереги бар. Дайыны жок жигит болуптур.. Дайыны жок иш. Дайыны жок шылтоо.*

**ДАЙЫРЫП** Көкөлөп эргип, даарып, ашынып.

**ДАК** *диал.* 1. *диал.* Так, бир нерсенин жуккан тагы. *Мөмөлүү жердин баары бак Армандуу элдин баары дак* (Барпы). *Акчасы түгөп, сап болду, Калдардин бари дак болду* («Эл адабияты»). 2. Арман, кайгы, ыза, дарт сыяктуу жаман нерселердин көңүлдө калган тагы, изи.

**ДАКИ I** 1. Пахтадан токулган жука ак кездеме. *Зейнептин башында ак даки оромолу бар* (Абдукаримов). *Уулуу чаңдан сактаныш үчүн бетти даки менен тосуп алуу керек* («Ден соолук»). 2. Марли. *Палатада, бурчта кроватта башы, колу ак даки менен таңылган бир боец жатат.*

**ДАКИ II** Кексе, куу, митаам, амалкөй. *Ыракымбай музоолордун жеткирбесине көзү жетеби, же даки болуп калганбы, айтор артынан сүрө түшпөйт* (Элебаев).

**ДАКИЛИК** Куулук, митаамдык, айлакерлик, кекселик.

**ДАКТИЛОЛОГИЯ** Дудуктардын колдун манжалары аркылуу жандашып сүйлөшүү жолу.

**ДАКТИЛОСКОПИЯ** *юр.* Колдун манжаларынын баштарын кагазга же башка нерселерге басылган наарынан улам адамдарды (кылмышкерлерди) билүү жолу.

**ДАЛ** Так, нак, туптуура. *Макул дал сен айткандай болсун* (Жантөшев). *Сын-сыпаты, өңү дал атасынын өзү* (Бейшеналиев). *Мен өзүмө кандай ишенсем, сиздерге дал ошондой ишенемин* (Жантөшев).

**ДАЛ-ДАЛ** Бөлөк-бөлөк, бөлүндү-бөлүндү, самсаалаган үзүк-үзүк, далбаалаган. *Серектин ичигинин сырты дал-дал айрылган* (Осмоналиев). *Батийнанын кийими оор түйшүктө дал-дал тытылып ийинден түштү* (Сыдыкбеков).

**ДАЛ БОЛУУ** 1. Дендароо болуу, эмне кыларын билбей жалдырап калуу, өзүн жоготуп коюу. *Көсөл эмне деп айтарын билбей, дал болуп калды* (Каимов). *Шерали кирпигин ойсуз кыбыратып, баш көтөрбөй, бул сөздүн кимге айтылып жатканын ажырата албай, дал болуп отура берди* (Касымбеков). 2. Алсыроо, мууну-жүүнү бошоо, далдыроо, жүрбөй калуу. *Бүткөн боюм дал болгон, Кызмат берчү эки кол, Былкылдабай шал болгон* («Манас»). **В.: Дел болуу.** *Мубарек эмне кыларын билбей, ордунда каткан казыктай дел болуп көпкө турду* (Казакбаев). *Ордумда бир топко дейре каккан казыктай дел болуп, тура берипмин* («Кыргызстан маданияты»).

**ДАЛАА** *туурасы:* **талаа.**

**ДАЛААЛАТ** *туурасы:* **далалат.**

**ДАЛААН** *диал.* Үйдүн кире беришиндеги бөлмө, оозгу бөлмө.

**ДАЛАЙ I** Нечен, кыйла, бир топ, көп, бир канча. *Жашым жаш болсо да, өз башымдан далай кыйынчылыктарды өткөрдүм* (Жантөшев). *Сейит мындай окуяны башынан далай өткөргөн* (Сасыкбаев). *Жалгыз уулдун окуганына далай эле болду* (Сыдыкбеков).

**ДАЛАЙ II** Алы кетүү, алсыроо, мууну бошоо, шалкаюу, далдыроо. *Ал сөздү айтып далайып, Ачкалыктан шалайып, Эки буту салайып* («Манас»).

**ДАЛАЙГА** Бир кыйла убакытка, көпкө, узакка. *Таш короонун босогосунда жаткан кара таштын үстүнө барып Калтабай далайга чейин олтурду* (Токомбаев).

**ДАЛАЙДЫН ИЧИНЕН ЧЫГУУ** *к.* **бирдин ичинен чыгуу.**

**ДАЛАКТА** Далдактагандай эби-сыны жок олдоксон кыймыл-аракетте болуу. *Далактап баскан-турганы эпсиз.*

**ДАЛАКТАТ** **далбактат** менен бирдей.

**ДАЛАКТОО** **далбактоо** менен бирдей.

**ДАЛАЛАТ** Бир нерсени иштөөгө, аткарууга кылган аракет, демилге. *Кушту күүлөгөн – канаты, адамды күүлөгөн – далалаты* (макал). *Сапар менен Шарип мектептеги окуу-тарбия жумушун жакшыртууга көп далалат кылышты* (Бейшеналиев).

**ДАЛАЛАТТАН** Кандайдыр бир иштин жүзөгө ашышына аракет кылуу, демилге көрсөтүү, далалат кылуу. *Ал он жылдыкты бүтүргөндөн кийин окууну улантууга далалаттанды* («Ленинчил жаш»).

**ДАЛАЛАТТАНУУ** **далалаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛАПАРАН** *диал.* Көк таш. *Дартка даба тапкыла деп далапаран сурап каларсыз* (Жантөшев).

**ДАЛБА** Ителги, шумкар, ылаачын алганга, үндөккө келүүгө үйрөтүү үчүн колдонулуучу канат кеп. *Далбага түшөт кара куш, Ак шумкар учкул – сара куш* (Барпы).

**ДАЛБА-ДАЛБА БОЛУУ** Бөлөк-бөлөк болуп айрылуу, бөлүнүү, самсаалап тамтыгы кетүү, жыртылуу. *Чаргындын этек-жеңи далба-*

*далба болуп кеткен* (Сыдыкбеков).

**ДАЛБАА: далбаа-далбаа:** Дал-далынан бөлүнгөн, бөлөк-бөлөк болуп тытылган. *Кийимдери далбаа болуп бөлүнүү. Чаргындын этек-жеңи далбаа-далбаа болуп, оң колунун бармагы канап жүрөт* (Сыдыкбеков).

**ДАЛБААЛА** Дал-далынан бөлүнүү, далбаа болуп самсаалоо. *Сыртынан караса сайда саны жок, ичине кирсе илип алар жаңысы жок, далбаалап турган жаман үй – Карыптыкы эле* (Жантөшев).

**ДАЛБААЛАН далбаала** этишинин өздүк мамилеси.

**ДАЛБААРЫ** Чарчоо, чаалыгуу, алсыроо. *Атың далбаарып калыптыр.*

**ДАЛБАГАЙ** Калдайган чоң, далдайган жазы, кең. *Канаттары далбагай.*

**ДАЛБАЙ** Калдайган жазы көрүнүштө болуу, далдайып чоң көрүнүү. *Астыңкы эрди албайып, үстүнкү эрди далбайып* («Манас»).

**ДАЛБАЙТ далбай** этишинин аркылуу мамилеси. *Те бийикте канатын далбайтып жору, кажырлар айланат* («Ала-Тоо»).

**ДАЛБАК: далбак-далбак** Калдайган канаттын же далдайган башка чоң нерселердин кыймыл элесин билдирүү үчүн колдонулат. *Далбак этип барып жерге түшүү. Далбак-далбак канат сермөө.*

**ДАЛБАКТА** Далбак-далбак этүү, калдактоо, далдандоо. *Бүркүт далбактай келип Батийнага жакын жерге шалк түштү* (Сыдыкбеков). *Эки өңүрүм далбактап, Качып чыктым калдактап* («Манас»).

**ДАЛБАКТАТ далбакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛБАКТОО далбакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛБАЛАКТА далбакта** менен бирдей. *Жорго чимириктей учуп жөнөгөндө чепкендин этектери желге далбалактап, бүткүл айылдагыларга дайын көрүндү* (Каимов).

**ДАЛБАНДА далбакта** менен бирдей. *Энеатасы жаңы гана учуруп үйрөткөн балапан куштай далбаңдап Эркин Ажарга карап жөнөдү* (Жантөшев).

**ДАЛБАРДАЙ** Эби-сыны жок чоң, далдайган, калдайган. *Жолдош алибеттүү, далбардай чоң киши* (Таштемиров). *Баягы айылга кийчү далбардай көк көйнөгүңдү бере тур,– деди Бурул* (Осмоналиев). *Кара ала сатинден далбардай көйнөк кийген кемпир* (Осмоналиев).

**ДАЛБАС УРУУ** 1. Катуу аракет кылуу, жан талаша аракеттенүү. *Билим алышсын, окутайын деп далбас урсам... Ушинтип булар* (Осмоналиев). *Мен да сөздү көркүнө чыгарууга далбас урдум* (Осмоналиев). *Ар ким өз кудуретинин жетишинче сабакка далбас урууда* (Бейшеналиев). *Керим канчалык далбас урса да эчтеме чыкпады* (Жантөшев). 2. Эмне кыларын билбей калуу, карбаластоо, айласы кетүү, шаштысы кетүү. *Карышкырды биринчи көргөн Чымыр далбас уруп калды* (Жантөшев).

**ДАЛБАСА** Жан талашкан аракет. *Арманда кылып калтырат Бекерге кылган далбаса* (Токтогул). *Жан оңойбу, далбаса кылганмын го* (Убукеев). *Сайгактан жан далбаса кылган кээ бир үйлар көлөкө издөөдө* (Бейшеналиев). *Жүрөгүмдү дегдеткен ушул түшүнүксүз кубаныч менен эңсөө эмнеде экенин, анын далбасы эмнеде деп, жайкалган талаанын өзүнөн кыйкырып сурагым келчү* (Айтматов).

**ДАЛБАСАЛА** Далбастоо, катуу аракет кылуу, жан талашуу. *Каныбек далбасалап, токойду карата качты* (Жантөшев). *Абдырахман балдырап, көзүн алаңдатып далбасалай баштады* (Каимов).

**ДАЛБАСАЛОО далбасала** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛБАСАЛУУ** Далбас урган, далбастаган. *Көз алдымда бир саамга токой жымжырт, Чарк урган далбасалуу бийи бүтүп* (Кылычев).

**ДАЛБАСТА далбасала** менен бирдей. *Көрүнгөн жумушка далбастай берген менен болбойт* (Каимов).

**ДАЛБАЮУ далбай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛБЫРА** 1. Айрылып, тытылып же чоң кенендигинен салбырап туруу, эби сыны жок, тыкан эмес көрүнүштө болуу. *Жеңи далбырап, чарчаңкы кебетеси күлкүлүү көрүнсө да балдарды күлдүрө сүйлөйт* (Сыдыкбеков). *Бир чети далбырап айрылган кирдүү тонум бар.* 2. Тыкан эмес жыйнаксыз көрүнүштө болуу, далдыроо. *Түрмөдө жүрдүң алдырап, Тууганга жетпей далбырап* (Токтогул).

**ДАЛБЫРАТ далбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛБЫРОО далбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛБЫРТТА** Далбактай урунуу, делбектөө. *Алыбектин ичигинин эки этеги далбырттап белдеги курду үзүп төмөн карай учуучудай көрүнөт* (Жантөшев).

**ДАЛБЫРТТАТ далбыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛБЫРТТОО далбыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДА** Дал өзүнө туура келтирүү, таамайлоо, дал келтирүү, таасындоо. *Бизди карай далдап аткан, Бирок бизге тийген жок* (Үмөталиев). *Мен кызды далдап карадым.*

**ДАЛДАА** Бир нерсенин калканч жагы, тосулган нерсенин калканч жагы, тосулган нерсенин көрүнбөй турган жагы, ыктоо тарабы. *Аттарды далдаага, токой аралларына таштадым* (Жантөшев).

**ДАЛДААЛА** Көрсөтпөй же көмүскөдө калтыра тосуп калуу, далдаада калтыруу, калкалоо. *Асман көзүн бүгүп түш кыңкая*

*коюу булуттар далдаалады* (Бейшеналиев). *Кыштактын батыш тарабы ары жактагы колхоздорду далдаалап турган белеске айланып кетет* (Таштемиров). *Омор жалбыракка бир көзүн далдаалап, бут бою ачыкта турган Жыпарды көрдү* (Сыдыкбеков).

**ДАЛДААЛАН далдаала** этишинин өздүк мамилеси. *Жума арчага далдааланып тура калды* (Жантөшев).

**ДАЛДААЛОО далдаала** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДАГАЙ** Далдайган, калдайган, эбисыны жок чоң.

**ДАЛДАЙ** 1. Калдайып жазы көрүнүү, эбисыны жок чоң болуп көрүнүү. *Эшим дайым күлүңдөп турган, бакыракай көздүү, далдайган чоң киши* (Байтемиров). *Далдайган эби жок күрөктүн шахтёрлорго кереги жок* (Сасыкбаев). *Канай ордунан туруп келип, далдайып биздин жаныбызга туруп калды* (Даникеев). 2. Делдейүү, далдырап туруп калуу. *Алат экен бурут деп, Адамдын көбү далдайды* («Манас»).

**ДАЛДАЙТ далдай** этишинин аркылуу мамилеси. *Куш канатын далдайтты.*

**ДАЛДАК: далдак-далдак** Далдайган кебетедеги же көрүнүштөгү нерселердин кыймыл-аракетин же эпсиз калдактаган, далдандаган кыймыл-аракеттин элесин билдирүүдө колдонулат. *Далдак-далдак жүгүрүү. Далдак этип жерге түшүү. Далдак-далдак калдактоо.*

**ДАЛДАКТА** 1. Далдак-далдак этүү, калдактоо. *Көпөлөктөр далдактап алыстан кадимкидей көрүнөт* (Сыдыкбеков). 2. Карбаластап, калдалангдаган кебетеде болуу, далдандоо. *Сатылган чанадан ыргып түштү да четирээк турган жигитке далдактап жетип колун берди* (Элебаев). *Көкөтөй басып барат далдактап* («Эр Төштүк»).

**ДАЛДАКТАТ далдакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Далдактатып учурду күздүн жели, Алтын окшоп саргайган жалбырактı* (Үмөталиев).

**ДАЛДАКТОО далдакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДАЛ I** 1. **далдалчы** менен бирдей. *Кандайдыр жетип келип аксым далдал, Мурунку чалга келип салды жаңжал* (Токомбаев). 2. Арачы.

**ДАЛДАЛ II** *арх.* Сүйгөн жар, мөлмөл. *Эп кыйгандай түз дальң, секетпай бала далдалым. Далдалымды ойлосом, кантип жүрөт бул жаным* (Эл ыры).

**ДАЛДАЛАКТА далдакта** менен бирдей. *Далдалактап жүгүрүп келди.*

**ДАЛДАЛАН** Бир нерсеге жашынуу, бир нерсени жамынуу. *Силер далдаланып жаткыла, тамашага баткыла* (фольк.).

**ДАЛДАЛЧЫ** Сатуучу менен алуучунун ортосунда бааны тууралап ченеп-бычып жүргөн адам. *Кардарларга жең ичинен соода кылып далдалчылар жүрөт* (Жантөшев). *Баарынан ушул далдалчылардыкы бир жагынан өтөт* (Бөлөкбаев).

**ДАЛДАЛЫ ЧЫГУУ** Эскилиги жетип айрылып калуу, тамтыгы кетүү, жыртылуу. *Далдалы чыккан көйнөктөн эти кызаңдап келе жатты* (Убукеев).

**ДАЛДАҢ: далдаң-далдаң** Далдактап, калдандаган кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Далдаң-далдаң канат кагуу. Далдаң-далдаң этип жетип баруу.*

**ДАЛДАҢДА** Далдаң-далдаң этүү, эбисыны жок далдактаган кыймылда болуу, далдактоо. *Жакын кирип келгенде, Качып берем калдаңдап, Эки этегим далдаңдап* («Манас»).

**ДАЛДАҢДАТ далдаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛДАҢДОО далдаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДАЮУ далдай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДОО I** *диал.* Далдаа жер. *Бир сүйлөшсө далдоого, Жыргалбай турат алдоого* (Калык). *Күндүз ээндеп, далдоо жерлерге барышып сүйлөшүшөт* (Бейшеналиев).

**ДАЛДОО II далда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДООЛО** 1. Далдоо кылуу, калкалап тосуу. *Атай бетин далдооломуш болуп көз жашын шыпырды* (Каимов). 2. *өт.* Жамандыктан коруу, сактоо, аёо. *Учурунда айтпаганыбыз – сени куру азаптардан далдоолойлу деген аракетибиз болчу* (Жантөшев).

**ДАЛДООЛОН далдооло** этишинин өздүк мамилеси. *Гүлайым бир аудиторияга кирди да бурчка далдоолонду* (Бейшеналиев).

**ДАЛДООЛОО далдооло** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛДЫЙ далдай** менен бирдей. *Көкүрөгү далдыят.*

**ДАЛДЫРА** 1. Алсыздануу, шалдаюу, алы кетип начарлоо, дабдыроо. *Эки үч күнгө чейин Малиновский эмнегедир далдырап жүрдү* (Сасыкбаев). *Андрей бир аз далдырай түшүп, жумушуна басты* (Сасыкбаев). 2. Эмне кыларын билбей калуу, дал болуу. *Татыбек эмне кыларын билбей далдырап калды* (Байтемиров).

**ДАЛДЫРАТ далдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛДЫРОО далдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛЕ** Дагы эле, дагы, али, алигиче. *Ой, Чаргын, дале бул жердесиңби?* (Сыдыкбеков). *Ышкырган бороон дале басылган жок* (Сасыкбаев). *Мектеп анча дале алыс эмес* (Таштемиров).

**ДАЛИЗ далис** менен бирдей. *Дарбазалуу үйүмдүн, Дализи элең Умсунум* («Эл адабияты»).

**ДАЛИЛ** Чындыгын, аныктыгын, тууралыгын көрсөтүүчү же аныктоочу факт. *Далил келтирүү. Далилдери ишенимсиз. Шарапат далил айтып шашпай бирден, Сүйлөдү аки көзүн албай элден* (Абдыраманов). *Чындыгында арыздагы далилдер шумдук эле* (Жантөшев).

**ДАЛИЛДЕ** Далил келтирүү, аныктоо, далил келтирүү менен ырастоо. *Чаргынга далилдей албасына көзү жеткен бригадир ызаланып кетүүчү* (Сыдыкбеков). *Акыйкат иши менен далилдесе, Ай бетин тердик менен кимдер жабат* (Маликов).

**ДАЛИЛДЕН далилде** этишинин өздүк мамилеси.

**ДАЛИЛДЕТ далилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЛИЛДЕШ далилде** этишинин кош мамилеси.

**ДАЛИЛДӨӨ далилде** этишинин кыймыл атоочу. *Анын көз көрүнөө качкандыгын далилдөө үчүн тигилердин бир тобун күбө кыл* (Жантөшев).

**ДАЛИЛДҮҮ** Далили бар, негиздүү, анык, чын. *Айылдагылардын сөзү далилдүү болсо да, Атабек, зайбы – экөө тең көнбөйт* (Жантөшев). *Абылбек далилдүү сүйлөгөндүктөн, Темиров эчтеме айтпай гана тыңшап отурду* (Жантөшев).

**ДАЛИЛСИЗ** Далили жок, далилденбеген, ырасталган фактылары жок, чындыгы жок. *Далилсиз калптын баарын өрткө каптап, Дайрадай даңгыр жолун тапты чындар* (Калык).

**ДАЛИМ** *диал.* Кайрак, сугарылбаган жер. *Далим буудай.*

**ДАЛИНКЕ** *сүйл.* Тарелка. *Чоң далинкеге ак нан додолонуп турат* (Сыдыкбеков). *Койчунун аялы Динардын алдына эжигейди далинкеге додолоп салды* (Сыдыкбеков).

**ДАЛИС** Үйдүн кире беришиндеги оозгу бөлмөсү. *Далисти салкындатып шыпырып коёюн* (Айтматов). *Күбүрөп Дилденин апасы далистен кирди* (Касымбеков).

**ДАЛК I далкы** менен бирдей.

**ДАЛК II дак** менен бирдей. *Тепсенди болгон, далк болгон, Тебилип кетип канча доор* (Дүйшеев).

**ДАЛКЫ** Туз эскиргенде же көпкө туруп калганда пайда болгон кыйгыл ачуу даам, кыйгыл шор даам. *Мени сынаба, далкы баскан тузду сына!* (Жантөшев). *Тузду мээнет чырмаса, Далкы чыгып, шор болот* (Калыгул).

**ДАЛОРТО** Эки далынын ортосу. *Узатпастан далортого аткыла* (Үмөталиев).

**ДАЛП** Далдайган же көлөмдүүрөөк нерселердин жерге барып бир тийишинен же урунушунан улам күңүрт чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Урманбет үйга далп этип секирип минип алды* (Элебаев). *Аңгыча болбой торгой далп этип жерге түштү* (Жантөшев).

**ДАЛПАГАЙ** Далдайган, далдагай, калдайган.

**ДАЛПАЙ** Эби-сыны жок далдайган көрүнүштө калдаюу. *Кара ташка далпайып келип бир жору конду* (Элебаев). *Кементай менен далпайып, Кейпи кетип салпайып* («Эр Табылды»)

**ДАЛПЫЙ далпай** менен бирдей. *Этеги далпыйып жайылган.*

**ДАЛПЫЛДА** 1. Далп-далп этүү, далдактоо, калдаң-калдаң этүү, далдаң-далдаң этип желпилдөө. *Үзүк-туурдук далпылдайт* (Жантөшев). *Кементай кийип шалпылдап, Кер байтал минип далпылдап* («Манас»). 2. *өт.* Дөөрүп, дайынсыз сүйлөй берүү, ооз көптүрмө сүйлөп балпылдоо. *Качан болсо эле дайны жок далпылдай бересиң.*

**ДАЛПЫЛДАК** Келжирек, ооз көптүрө дайынсыз сүйлөй берген. *Далпылдактын бири.*

**ДАЛПЫЛДАТ далпылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Катуу соккон шамал үзүк туурдукту далпылдатып, учуруп кетчүдөй болот.*

**ДАЛПЫЛДОО далпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЛЫ** 1. Бир учу күң жиликтин жогорку башына туташып, жалпак жагы арканын өйдөкү жагына жайгашкан үч бурчтуу, ортосу кырча келген жука сөөк түрүндөгү дененин бир мүчөсү. *Далыны мүлжүү. Далы сөөк. Союп жесең семиртип, Далысынан ком чыгар* (Осмонкул). Дененин ушул сөөк орун алган тушу, эки ийиндин аралыгы, эки ийиндин сырт жагы. *Врач тыңшагыч менен Мукайдын көкүрөгүн көрүп анан далы жагынан да тыңшады* (Таштемиров). *Каныбек Жапекти далыга таптады* (Жантөшев). *Эки далың караса Канатындай бүркүттүн* (Үмөталиев).

**ДАЛЫ АЧУУ** *же* **далы көрүү** Койдун далысын карап өткөндү жана келечекти айтып төлгө тартуу. *Агынай далы көрүүчү Ашкере айтып берүүчү* («Манас»). *Ош шаарынын базарында далы көргөн балчылар да жүрөт* (Жантөшев). *Далы ачтырып, түшкө ишенген элдерге Илим бердиң, Мистик ойдон безгиздиң* (Токомбаев).

**ДАЛЫЛУУ** Далысы кең, ийиндүү, ийини кең. *Сергей өтө далылуу, күржүйгөн киши болуптур* (Сасыкбаев). *Кыдырма менден саал кырдуураак, далылуу, кызыл тоголок бала* (Элебаев).

**ДАЛЫСЫН САЛУУ** Жактырбагандай, сүйбөгөндөй, таарынып калгандай кайдыгер мамиле жасоо. *Ичкери кирген соң да керебетте жаткан бала жакка карабай, кырстанып, далысын салып отурду* (Укаев). *Аздан кийин атасы Татыбек далысын салып ары карап алды* (Байтемиров). *Кычан далысын салган ата-*

*сынан жооп күткөндөй суз үңүлөт* (Бейшеналиев). **В.: Сыртын салуу.** *Ал эмнегедир сыртын салып калыптыр. Чоң үмүт менен бардык эле, эмнегедир бизге сыртын салып койду* («Жаштык жарчысы»).

**ДАЛЫЧЫ** Далы карап төлгө тартуучу, далы ачуучу.

**ДАЛЬТОНИЗМ** Кээ бир түстөрдү ажырата албоо майыбы.

**ДАЛЬТОНИК** Дальтонизм оорусу менен ооруган адам.

**ДАМ: дам уруу** *же* **дам коюу** *диал.* Умтулуу, умсунуу, тап коюу. *Алдыңдагыңды иче албай, казанга дам коёсуң.*

**ДАМА** Үмүт, дымак. *Кейпи, Суусар сулууга үйлөнсөм деген дама менен ошентип жүргөн болсо керек* (Убукеев).

**ДАМАА** *туурасы:* **дама.**

**ДАМААМАТ** Ар качан, дайыма, ар убак, такай. *Дамаамат кечигип келүү. Дамаамат бар болуп туруу.*

**ДАМАЛАН** Үмүттөнүү, дама кылуу, үмүт кылуу.

**ДАМАЛАНУУ дамалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАМАЛУУ** Бир нерседен үмүттүү, үмүтү бар, ишенгени бар.

**ДАМАШКЫ** Дамаск шаары. Эски убакта Шам деп аталган шаарда алтын, күмүш, темирден түрдүү нерселер жасалган. Азыркы Сириянын борбору. *Насирдин бек белиндеги кара болот дамашки кылычын чечти* (Касымбеков).

**ДАМБА** Ташкынды, селди токтотуу, буруу үчүн же суу сактагыч жасоо үчүн кырдалган жээк. *Жазында суу кирген убакта суунун жээгине кичинекей дамбалар тургузулду* («Кыргызстан аялдары»).

**ДАМБАЛ** Узун багалектүү ыштан, ич кийим. *Багалегин дамбалдын өөдө түрүп коюптур* (Жантөшев). *Эр башына кылганын, Ондон көйнөк, он дамбал* («Манас»).

**ДАМБАР** *диал.* Кампа. *Биз жөнөп чыкканда кожоюн дамбардын эшигиндеги чөркөгө көчүгүн коюп отурган.*

**ДАМБАРКАНА** *диал.* Кампа. *Дамбарканадагы эгин.*

**ДАМБАШ: дамбаш ээр** *к.* **ээр.**

**ДАМБЫЛДА** 1. Шариятты жакшы билген, мусулмандын ырым-жырымдарын аткарууга башчылык кылып, Алла Таалага кызмат өтөөчү адам. 2. Дин мектептеринин мугалими. 3. Сабаттуу, окумуштуу (кыргыздар мурда жалпы эле сабаттуу адамды молдо атай беришкен). *Дамбылданы чакыртып, Күбө далил жыйдырды* («Манас» С.О.).

**ДАМБЫР ТАШ** Жазында биринчи күн күркүрөгөн учурда *«Жер айрылып, көк чык! Желин айрылып, сүт чык!»* деп чөптүн, сүттүн көп болушун тилеп, чаканы, бош идишти калдыратып үйдү айлана жүгүрүү ырымы.

**ДАМЕ** Ал, күч, кайрат, дем. *Ал, дамеден эч нерсе жок. Дамеси кетти.*

**ДАМЕЛҮҮ** Алдуу, кайраттуу, күчтүү, демдүү. *Ээлигип турам, Кайраттуу, дымактуу, дамелүүмүн.*

**ДАМЕСИЗ** Алсыз, күчсүз, кайратсыз, чамасыз. *Дамесиз бир чал болду.*

**ДАМЖЫ** *сейр.* Үстүнө кошумчалоо, демөө.

**ДАМКА** Шашка оюнунда каршы тараптын акыркы катардагы клеткаларына чыгарылган жана клеткалар боюнча алга, артка чектелбестен жыла берүү укугуна жетишкен таш.

**ДАМКЕ** *туурасы:* **дамка.**

**ДАМОКЛ КЫЛЫЧЫ** 1. Б. з. ч. IV кылымда залим Сирокуздук Дионисий той убагында, дүйнө жыргалынын жалгандыгын билдирүү үчүн өзүнө көз арткан Домокл дегендин төбөсүнө, кылга байлап, кылыч асып коюп, жүрөгүнүн сары суусун алган. 2. Дайыма жүрөккө түпөйүл болгон коркунуч, жүрөктүн сары суусун алуу.

**ДАМПАЙ дампый** менен бирдей. *Дампайып чыгуу.*

**ДАМПАҢ-ДАМПАҢ** Эби-сыны жок чоң кишинин же күпшүйүп калың кийинип алган кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Дампаң-дампаң этүү.*

**ДАМПАНДА** Дампаң-дампаң этүү, жампандоо. *Атка минди дампаңдап.*

**ДАМПИНГ** (үймөк, ыпыр-сырып, таштанды) Океанга төгүлүп, көмүлгөн таштандылар.

**ДАМПЫЙ** Толуп, чоң болуп чыгуу, кампаюу. *Жылдызкандын этеги заматтын ортосунда пахтага толуп дампыйып кетет* (Байтемиров).

**ДАМПЫЙТ дампый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАМЫЛДА** *диал.* Дамбылда. *Дамылдамын деп жүрүп, элдин ичин булгадың* (Барпы). *Келиңиз, дамылда, оозуңузга, мурдуңузга суу алып, бети-башыңызды чайкап жибериңиз* (Абдукаримов).

**ДАН** 1. Эгин, аштык. *Сары өзөн Чүй данга бай, Кең Тянь-Шань малга бай* («Чалкан»). *Арпа, буудай өсүмдүк, Даны сонун биздин эл* (Осмонкул). *Ортоктошуп дан айдап, Көксөөсүн көк жал басканы* («Манас»). 2. Эгиндин, куурай, чөп өсүмдүктөрүнүн уругу, эгиндин кызылы. *Даны толук жүгөрү. Буудайдын даны. 4. өт.* Маңыз, сапат. *Саны менен бирге даны болсун* (макал). *Компоюп көкүрөгүн кур көтөрөт, Даны жок, ичин жарсаң, кургап калган* (Токомбаев).

**ДАН ЖЕБЕС** *диал.* Чыкый.

**ДАН КӨСӨӨ** Кылкандуу өсүмдүктөрдүн машагында данынын ордуна өсүп чыккан илдеттүү аштык чөп. **к. Көсөө II.**

**ДАН КУУРАЙ** Майда-майда кызыл мөмөсү бар анча бийик эмес өсүмдүк, малина.

**ДАНА I** *диал.* Даана, акылы жетик, акылман. *Дана чыккан азамат. Адамдын данасы.*

**ДАНА II** *диал.* Данек. *Курма өрүктүн ичинде Данасындай, карай көз* (Барпы).

**ДАНАКЕР** 1. Араздашкандарды элдештирүүчү же жалпы эле бириктирүүчү, ынтымакташтыруучу. *Эки киши күнөкөр болсо, бир киши данакер* (макал). *Экөөбүздү ушинтип ширеткен жападан-жалгыз данакер – большевиктик идея* (Жантөшев). 2. Темирден жасалган буюмдарды бири-бирине жабыштыруу же идиштердин жыртыктешигин бүтөө үчүн колдонулуучу коргошун сыяктуу жумшак калай жабыштырып, бириктирүүчү ширеткич зат. *Күмүшкө данакер ширеткендей бек* (Сыдыкбеков).

**ДАНАКЕРЛЕ** 1. Жараштыруу, элдештирүү, бириктирүү ынтымакташтыруу. *Эки элдин ортосундагы достукту данакерлеп, даңазалап жатышкан жөнөкөй адамдар жөнүндө айтпай коё албайт экенсиң* («Ала-Тоо»). 2. Данакер менен ширетүү, ширетип бүтөө, бириктирүү; кандоо. *Чаканын түбүн данакерлеп койду* (Сыдыкбеков).

**ДАНАКЕРЛЕН данакерле** этишинин өздүк мамилеси. *Экөөнүн ортосундагы байланыш улам данакерленип, улам күчөй берди* («Ала-Тоо»).

**ДАНАКЕРЛЕТ данакерле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАНАКЕРЛЕШ данакерле** этишинин кош мамилеси.

**ДАНАКЕРЛӨӨ данакерле** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАНДАЙ** Дардыйып, чыналып көөп кеткендей абалда болуу. *Малдар сууну шимирип жатканда суусуну канып, курсактары дандайып чыга түшкөнүнө ыраазы болушат* (Байтемиров).

**ДАНДАЙТ дандай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАНДАНКҮ** Тиш чукур, тиш чукугуч ичке шиш. *Данданкү мынча, эт канча?* (лакап).

**ДАНДАЮУ дандай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАНДУУ** 1. Даны толук, даны ирдүү. *Дандуу буудай, Дал шурудай, Дагы алабыз эмгекке* (Нуркамал). *Ошондогу эгиндин дандуусу ай.* (Айтматов). 2. Эгиндүү, эгинтегинге мол. *Сараланын өз айлы анча дандуу, малдуу эмес* (Сыдыкбеков). *Тоо-токойлуу, дандуу, малдуу жерибиз, Сан жыргалдуу эмгек эри элибиз* (Шүкүрбеков).

**ДАНДЫЙ дандай** менен бирдей. *Ичи дандыйып чыкты.*

**ДАНДЫР** Ичин аябай ысытып алып, нанды чоктун табына кактап бышыра турган атайын очок. *Дандырга бышкан нан. Дандырга нан жабуу.*

**ДАНДЫРДАЙ** Күрсүйгөн чоң, жоон, далдайган. *Келбети дандырдай, өзү маймылдай* (Турсунов).

**ДАНЕК** 1. Бакча өсүмдүктөрдүн ичиндеги даны, уругу же мөмө жемиштеринин сөөгүнүн ичиндеги даны. *Дарбыздын данеги. Коондун данеги. Өндүрүп данегинен көчөт сайып, Кургатпай арыгына суусун жайып* (Абдыраманов). 2. *өт.* Маңыз, негиз, маани. *Талканбаев иштин данегин чечпей буйтактады* («Ала-Тоо»). *Чечекейи көзүмдүн, Данеги-даны сөзүмдүн* (Үмөталиев).

**ДАНЕКЕР данакер** менен бирдей.

**ДАНЕКТҮҮ** 1. Данеги бар, данеги толук. *Данектүү жемиш өсүмдүктөрү.* 2. *өт.* Маңыздуу, негиздүү, маанилүү, сапаттуу.

**ДАНИСТЕ** Билүү, аныктоо, аныгын билүү. *Бириңер данистесин билүү үчүн суроо бергиле, бириңер далилдеп жооп кайтара билгиле* (Карымбаев).

**ДАНКАНА** Эгин сактагыч, дан сактагыч.

**ДАНЫШМАН даанышман** менен бирдей. *Чоң энеси Чыйырды Бек данышман карыя. Узун кулак, көзү ачык, Кабылан Манасты тапкан олуя* («Манас»).

**ДАҢ I** Атак, даңк, даңаза. *Бул дагы баатыр жан болот, Кылганы журтка даң болот* (Тоголок Молдо). *Эрдиги журтка даң болгон, Абам мында турасың* («Сейтек»).

**ДАҢ II: даң-даң** Катуу металлды урганда чыккандай көтөрүңкү жоон үндү, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Коңгуроонун үнү даң-даң этет.*

**ДАҢ САЛУУ** Оюн салуу, өз эркинче шаттанып жүрүү. *Тай-кулундар даң салып, Даакылары түлөсүн* (Осмонкул). *Арык малы даң салып, Алты күндө семирет* (Тоголок Молдо). *Думпулдөк ойноп, даң салып, Көп кызыкка баткан жер* («Сейтек»). *Кокуй, аларга эмне, даң салып жыргап жатышат* (Элебаев). *Чатыраш ойноп даң салып, болуп жаткан кезинде* («Манас»). *Кутулдук калың жоодон деп, Кунан чаап даң салып* («Манас»).

**ДАҢАЗА** 1. Көпчүлүккө дайын болгондук, белгилүүлүк, даңк, атак, даража. 2. Атак-даңкын көтөрүп, таң калып, кызыгып айтылган сөз, дуу-дуу. *Жапек Каныбектин эл даңаза кылган даңкы менен сыймыктанып кала турган* (Жантөшев). *Аны көргөн адамдар, Даңаза кылат сыртынан* (Тоголок Молдо). *Жаштык десе Айтматовду түшүнүп, Жүрүптүрбүз даңазалуу сүйүүдөй* (Акматалиев).

**ДАҢАЗАЛА** Атак-даңкын чыгаруу, даражасын көтөрүү, даңаза кылуу. *Эрди даңазалаган – эли, жерди даңазалаган – кени* (макал). *Сансыз Каныбекке Россия тарапта кул жумшоо жоголгонун даңазалап айта турган* (Жантөшев).

**ДАҢАЗАЛАН даңазала** этишинин өздүк мамилеси.

**ДАҢАЗАЛАТ даңазала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАҢАЗАЛОО даңазала** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАҢАЗАЛУУ** Атак-даңктуу, атак-даңкы чыккан. *Чокуларын кар менен муз түбөлүккө каптаган даңазалуу Памир-Алай тоолору адамды суктандырбай койбойт* (Абдукаримов). *Жөнөкөй адамдар эмес, кадимки даңазалуу баатырлар да душман колдуу болушкан* (Абдукаримов).

**ДАҢАЗАСЫ ТАШ ЖАРУУ** *к.* **атагы жер жаруу.**

**ДАҢГЕЛ** *диал.* Эч тоскоолдуксуз, шар, түз. *Ойноп-күлүп, даңгел кет, туулуп-өскөн жериңе* (фольк.).

**ДАҢГЕСЕ** *диал.* Жалкоо.

**ДАҢГИ // ТАҢГИ** Кууш тоо өткөөлү, шаңшаар жер.

**ДАҢГЫЛ** 1. Катуу, бекем, такшалган; кээде түз, кең, чоң (жолго карата) деген мааниде, **даңгыр** менен бирдей. 2. Билгич, сөз тапкыч, чечен, кээде акылман, билерман дегенди билдирет. 3. Тың, бүйрө. Кээде баатыр, жалтанбас, мыкты маанилеринде да айтылат. *Башчы кылып даңгылын* («Манас» С.О.). *Азамат кылка боз балдар, Найзага даңгыл ыктуулар* («Сейтек»). *Күтүп алсаң, Кара дөө Айкайлап душман келгенде, Найза уруучу даңгылың* («Сейтек»).

**ДАҢГЫЛДЫК** Билгичтик, дасыккандык, көнүккөндүк, маш болгондук.

**ДАҢГЫР I** Тапталган, тегиз, таза (мисалы, жол, кырман). *Учкаштырбай жыгып кет, Даңгыр жерге уруп кет* (Шүкүрбеков). *Оштон батышты карай кеткен даңгыр жол шаардын четине барганда эки ача болуп бөлүнөт* (Абдукаримов).

**ДАҢГЫР II: даңгыр-даңгыр** Катуу металлды урганда же катуу нерселердин бири-бирине урунушуусунан чыккан көтөрүңкү үндү, дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ДАҢГЫРА I** Даңгыр, таза көрүнүштө болуу. *Бир чети даңгыраган таза кырман* (Үмөталиев). *Даңгыраган чоң көчө экен* (Байтемиров). *Алды жагым карасам: даңгырап кенен жол турат* (Сыдыкбеков).

**ДАҢГЫРА II** Дангыр-дангыр этүү, даңкылдоо, даңгыр-даңгыр эткен үн, табыш чыгуу.

**ДАҢГЫРАТ дангыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАҢГЫРОО даңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАҢГЫТ** Чоң ит, дөбөт, дөбөт карышкыр. *Даңгыттарга жарат го* («Манас» С.К.). *Эки бетин караса, Эки даңгыт тойгондо.* («Манас» С.О.). *Көнөчөк баштуу көк даңгыт Көк жалдан калган ит экен* («Сейтек»). *Даңгыты беш жаш өгүздөй, Алтоо, бешөө арсылдайт* («Манас»).

**ДАҢДА** *сейр.* Даңкын көтөрүү, даңаза кылуу, атагын чыгаруу. *Алмамбет келет экен деп Атпай кыргыз даңдаган*(«Манас»).

**ДАҢДУУ** Даңктуу, даң болгон, атактуу даңазалуу.

**ДАҢЗА даңса** менен бирдей. *Кебетеси белгилүү Даңзабызда чийилүү* («Манас»).

**ДАҢК I** 1. Абдан белгилүү болуп, урматталган даңаза, көпчүлүккө таанылган кадырбарк, ардакталган атак. *Көкөтөй деген чоң бай деп, Ааламга кеткен даңкым бар* («Семетей»). *Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына барсаң бир киши.* (макал). *Эң эле жакшы чабан деп, Элимен өчпөс даңк алдым* (Осмонкул). 2. Атагын, баркын көтөрүү, даңазалоо, өзгөчө белгилөө иретинде айтылчу сөз. *Менин эмгегимди урматтаган өкмөтүбүзгө даңк!* (Сасыкбаев).

**ДАҢК II: даңк-данк** Даң-даң этип катуу чыккан дабышты, үндү же тартынбаган ачык жүрүш-турушту, сүйлөгөн сөздү билдирүү үчүн колдонулат. *Мылтык аткан эмедей, Тоо жаңырып даңк эткен* («Манас»). *Ырыскымдан ыраак кетип, даңк издеп, жүргүм келбейт ары жагында булуттун* (Сарногоев).

**ДАҢКАЙ** Даңкайып чоң болуп көрүнүү, зор, бараандуу көрүнүштө болуу. *Чоң саздагы даңкайган ак өргөлөр –Тыныбектики* (Каимов). *Айгырлар бар алачыктай даңкайган, Буту колу атан төөдөй тартайган* (Осмонкул).

**ДАҢКАЙТ даңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАҢКАКТА даңканда** менен бирдей. *Куйругу кучак соолуктар даңкакташат* (Каимов).

**ДАҢКАН** Ат чуркаганда туягынан казылып учкан, ыргыган топурак, майда таш, кар ж.б. *Чоң казандай даңкандар* («Семетей» С.К.). *Чоң торунун аяктай туяктарынан муштумдай даңкандар чырылдап ыргып жатты. Катуу жүгүргөн тулпарлардын туягынан даңкандар көккө карай ыргып чимирилет* (Жантөшев). *Эки ат айгырга эшик төрдөй жакындап калганда анын арткы бутунан учкан томуктай даңкан Айгашканын үстүндөгү баланын как маңдайына келип тийди* (Жакыпбеков). *Аттардын туягынан учкан даң- кан, Кайрылып түшкүчөктү кайра жерге* (Алымбаев)

**ДАҢКАҢ: даңкаң-даңкаң** Даңкайган көрүнүштөгү нерсенин кыймыл-аракетинин элесин билдирүүдө колдонулат. *Даңкаң-даңкаң бастыруу.*

**ДАҢКАНДА** Даңкан-даңкаң эткен көрүнүштө, кыймыл аракетте болуу. *Тору айгыр даңкаңдап алдыда.*

**ДАҢКАНДАТ даңканда** этишинин аркылуу мамилешүү. *Даңкаңдатып бастыруу.*

**ДАҢКАЮУ даңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАҢКСЫЗ** Атак-даңкы жок, элге белгисиз, атактуу эмес, данкталбаган. *Эмгек даңксыз кала албайт* (Токомбаев).

**ДАҢКТА** Атак-даңкын чыгаруу, даңазалоо. *Пролетардын каарманын, Даңктабачу мен эмес* (Токомбаев).

**ДАҢКТАЛ даңкта** этишинин туюк мамилеси.

**ДАҢКТАН даңкта** этишинин өздүк мамилеси. *Ар адам өз милдетин орундатып, Даңктанып эмгегинен мактана алат* (Нуркамал).

**ДАҢКТОО даңкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАҢКТУУ** Атактуу, атагы жайылган, даңкы чыккан. *Биздин айылда белгилүү келиндер көп: бири эмгек баатыры болсо, экинчиси даңктуу саанчы* (Каимов). *Кыргызга даңктуу Зууракан Кызылчанын устаты* (Осмонкул).

**ДАҢКТУУЛУК** Атактуулук, белгилүүлүк, журтка таанымал болуу; *даңктуулуктун иши.*

**ДАҢКЫ ЖЕР ЖАРУУ** *к.* **атагы жер жаруу.**

**ДАҢКЫ ТАШ ЖАРУУ** *к.* **атагы жер жаруу.**

**ДАҢКЫЛДА** Даңк-даңк этүү, даңк-даңк эткен катуу үн, табыш чыгаруу, сүйлөө. *Аңыр келди аңкылдап, Айтып сөзүн даңкылдап* (Тоголок Молдо). *Эр кайраты таш жарып, Эр сүрөөнү баш жарып, Кайраттуулар даңкылдап* («Сейтек»).

**ДАҢКЫЛДАТ даңкылда** этишинин өздүк мамилеси.

**ДАҢКЫЛДОО даңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАҢСА I** 1. Тизме кагаз, каттоо кагазы. *Атыңды Манас койгондо, ааламга дайын болгондо, Орто Бээжин Эсен кан даңсасына чийилген* («Манас»). 2. *өт.* Кытайдын түпкү мыйзамы. *Манжуу каны Нескара артык баатыр дагы бар, чоң даңсада каты бар* («Манас»). *Чоң даңсада каты бар, Атагын уккан чочуган* («Манас»).

**ДАҢСА II** *диал.* Казанды же бозону аралаштыруу үчүн колдонулуучу калакча.

**ДАҢСА III** *диал.* Даңаза.

**ДАҢСАЧЫ** Даңсаны жазуучу.

**ДАҢЫЛДА** Даң-даң этүү, даңкылдап катуу үн чыгаруу, сүйлөгөндө ачык көтөрүңкү үн чыгаруу. *Даңылдап катуу сүйлөө.*

**ДАҢЫЛДАТ даңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАҢЫЛДОО даңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАОСИЗМ** *саяс.* Байыркы Чыгыштын буддизм, конфуцийчилик сыяктуу кеңири таралган диний-философиялык окуулардын бири. Бардык философиялык окуулар сыяктуу эле даосизмдин да башкы максаты – Аалам, Жаратылыш жана Адам үчүн жалпы болуп эсептелген Улуу Жолду же телегейи тегиз гармонияны издөө, «Дао» сөзмө сөз «жол», «сапар» дегенди түшүндүрөт.

**ДАП I** *муз.* Жаргак менен капталган, уруп ойнолуучу тегерек музыкалык аспап. *Кемпирлер дап чалып, жаштары чилдирман айта баштады* (Жантөшев).

**ДАП II да** менен башталган сын атоочтордо дапдаана, дапдайын, дапдаңгыр, дапдаяр сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ДАПДААРЫ** *туурасы:* **дабдаары.**

**ДАПДЫРА** *туурасы:* **дабдыра.**

**ДАПКААРЫ** Дабдыроо. *Маниловскийдин минтип дапкаарып жүрүшүнө Бугимовдун келиши себеп болгон эле* (Сасыкбаев).

**ДАПКЫРТ** Апыртып, учурткан имишимиш. *Ар кандай дапкырт угулду.*

**ДАПЫЛДА далпылда** менен бирдей.

**ДАР I: дар-дар** Дарылдап, баркырап чыккан үндү же бир нерсенин катуу айрылганын билдирүүдө колдонулат. – *Кереги жок,– деп Ира дар этти* (Бейшеналиев). *Апасы оозун таптаганча, Айша колундагы дар эттире айырып, жеңесинин бут алдына таштады* («Ала-Тоо»).

**ДАР II дарга** менен бирдей. *Сенин башыңды дардан таанытам,– деп молдо жигиттерин чакырды* (Токомбаев). *Аламан элди чакырсаң, Ажалын табат турган дар* («Эл адабияты»).

**ДАРА // ДАРЕ // ДАРЫ даран** менен бирдей. *Кыныккан улук парага, Жыгып салаар дарага* (Молдо Кылыч). *Басып тоонун дарасы* («Манас»С.О.).

**ДАРА I** *диал.* Өзүнчө, айрым. *Дара жол.*

**ДАРА II даран** менен бирдей. *Даранын ичинде.*

**ДАРАЖА** 1. Атак, кадыр, барк, мартаба, ардак. *Ыракмат, Жылдызкан, менин даражамды көтөрүп койдуң* (Байтемиров). *Москвадан окуунун өзү кандай даража* (Сасыкбаев). 2. Илимий наам. *Тарых илимдеринин кандидаты деген илимий даражасы бар.* 3. Деңгээл, чек, категория, кандайдыр бир деңгээлде экендигин билдирүүчү баскыч. *Сулай Абазды эчен аракет менен багып, ушул даражага жеткирген.* (Таштемиров). *Экинчи даражадагы сыйлык ыйгарылды.* 4. *грамм.* Сын атоочтун салыштырма формасы. 5. *мат.* Бири-бирине барабар болгон бир нече көбөйтүлүүчүлөрдүн көбөйтүндүсү санды өзүн өзүнө көбөйтүүнүн натыйжасы.

**ДАРАЖАЛУУ** 1. Атактуу, кадырлуу, барктуу. *Чоң койчу даражалуу кишилерче күп-күп эте сүйлөдү* (Жантөшев). *Бактыңар башыңардан кетпей, мындан бешбетер даражалуу болгула* (Жантөшев). 2. Белгилүү бир даражасы бар, белгилүү бир деңгээлде, кандайдыр бир баскычтагы. *Илимий даражалуу адам. Жогорку даражалуу*

*сыйлык. Экинчи даражалуу диплом.*

**ДАРАЖЫ дарайы** менен бирдей. *Даражыдан көйнөгү, Далдалынан бөлүндү* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ДАРАЙ дарайы** менен бирдей.

**ДАРАЙЫ** Эки бети тең бирдей өңдө токулган жука жибек кездеменин бир түрү. *Акеркеч басып чыкканы, Дарайы көйнөк делбиреп, Саамай чачы желбиреп* («Манас»). *Таза кылып жуудуруп, Дарайы менен буудуруп* («Семетей»).

**ДАРАК** Ар кандай жыгач өсүмдүктөрдүн жалпы наамы. *Дарактар көпкөк болуп гүлдөп турган кез* (Каимов). *Жолдун эки жагы жемиш бактарына, кооз дарактарга толгон* (Байтемиров).

**ДАРАКТУУ** Дарагы бар, дарагы көп, дарактар өскөн. *Талас шаарынын түбүндө үйлөрү өңчөй чатырчалуу жана бак-дарактуу бир кыштак бар* (Каимов).

**ДАРАЛА** *сейр.* Жеке, жеке кылып бөлүү, өзүнчө айрым-айрым бөлүү.

**ДАРАМАТ** *туурасы:* **даремет.**

**ДАРАН** Өрөөн, капчыгай. *«Мазан» деп токойду айтат. «Даран» дегени бөлөк-бөлөк колот болот* (Тоголок Молдо).

**ДАРБААН** Курулай атак, курулай дүң болуп кеткен дуу-дуу сөз.

**ДАРБАЗ** *сейр.* Дарчы менен бирдей.

**ДАРБАЗА** 1. Короонун кире беришиндеги чоң эшик, капка. *Ким бар!– деди, дарбазанын сыртындагы киши үнүн созуп* (Каимов). *Малик бир нече жолу дарбазаны дүңкүлдөтүп чапты.* 2. Спорттук оюндарда (мисалы, футболдо) эки тарап бири-бирине топту же шарды киргизүү үчүн оюндун өзгөчөлүгүнө карата ылайыкталып жасалган атайын жай, орун. *Дарбазага топ тээп киййрүү.*

**ДАРБАЗАБАН** Капка, эшик кайтаруучу.

**ДАРБАЗАЛУУ** Дарбазасы бар, дарбаза салынган. *Биз барган үй кыштактын боюнда, дардайган чоң дарбазалуу үй экен* (Элебаев).

**ДАРБАЗАЧЫ** 1. Дарбазадан бөлөк кишилерди киргизбөө үчүн кайтаруучу, сакчы, күзөтчү. 2. Спорт оюндарында (мисалы, футболдо) дарбазада туруп, топту киргизбей тосуп калуу милдетин аткаруучу спортсмен.

**ДАРБУУ дарбы** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРБЫ** Шашып-бушуп, башкалар менен кошо дүрбөө, ээлигип кошо жөнөө. *Жумушчулардын бир даары дарбый чуркашты* (Сасыкбаев). *Базардын тамашасын көрүп келүү үчүн элдин шары менен кошо дарбып келе жаткандар да жок эмес* (Каимов).

**ДАРБЫЗ** Сабактары жерге төшөлүп, чылбыр таштап өсүүчү, томолок, ичи кызыл, ширелүү бакча өсүмдүгү. *Биз быйыл 10 гектар жерге коон-дарбыз, помидор жана бадыраң эктик* (Каимов). *Култай бир танап жерди кетмендеп жалаң гана коон-дарбыз, сабиз, пияз эгип коёт* (Абдукаримов). *Дарбыз, коон быжырап, Жатышат сайдын ташындай* (Бөкөнбаев). *Казандай дарбыз жарылып, Ар жерде жатат жабыгып* (Токомбаев).

**ДАРБЫТ дарбы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАРВИНИЗМ** Жандуу жаратылыштын тарыхый өнүгүшү, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн табигый тандалуу жолу менен келип чыгышы жана өрчүшү жөнүндөгү окуу (анын негиздөөчүсү англиялык окумуштуу, биолог Чарльз Дарвиндин ысымынан улам аталып калган).

**ДАРВИНИСТ** Дарвинизмдин жолун жолдоочусу, дарвинизмди жактоочу.

**ДАРВИШ** Дүнүйөдөн кечкен; кыдырып жан баккан селсаяк.

**ДАРГА** 1. Өлүм жазасына өкүм кылынган адамды асып өлтүрүү үчүн сыйыртмак байланып, жерге тикесинен орнотулган жыгач. *Каяша кылса дарга бар* (Үмөталиев). *Баланы айдап барганда, Токтотпой ассын даргага* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Атайын орнотулган бийик мамыга же жайга үстүнөн дарчылар басып ойноо үчүн керилген аркан, канат.

**ДАРГАЗАП** *диал.* Туталануу, күйпөлөктөнүү.

**ДАРГАТ** *диал.* Суу өткөргүч, шлюз. *Улам кийинки кичине-чоңду даргаттарды кайрадан ырастап чыкмай* (Даникеев).

**ДАРГАЧЫ дарчы** менен бирдей. *Кадимки даргачынын жыгачындай, Бипбийик баштары да селкилдешет* (Маликов).

**ДАРГӨЙ I** Сарай, турган жайы. *Алда тала кудайым даргөйүнө барам деп* (Токтогул). 2. Каршы алды, теке мандай, жакын айланачөйрөсү.

**ДАРГӨЙ II** 1. Эс, ой, көңүл. *Анын даргөйү эмнеде экенин билдим деп сагызганча шакылыктады Кермекаш* («Чалкан»). *Даргөйүмөн биротоло чыгып калды.* 2. Кээде касиет, өзгөчө сезим маанилерин да туюнтат. *Даргөйүңдү билгин – деп* («Манас» С.О.).

**ДАРГӨЙҮНДӨ САКТАГЫН** Өзүң колдой көр, өзүң сактай көр! – деген диний маанидеги сүйлөм. – *О жараткан, берген дагы өзүңсүң, алган дагы өзүңсүң. Бечара калкка берген көлөкөңдүн жолун ач, бир өзүңдүн даргөйүңдө сактай көр… деп күбүрөп, кимдир бирөө бышактап жиберди* (Касымбеков).

**ДАРГҮМӨН** Шек, шектенүү, шек уруу.

**ДАРГЫН** Өсүмдүктөрдүн кайчы гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Эки же көп жылдык чөп.

**ДАРДАЙ** 1. Көлөмү, көрүнүшү чоң болуп көрүнүү. *Башкы дардайган чоң ак үй менин таятамдыкы* (Элебаев). *Жукөш эми дардайган чоң жигит болду* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Мен-

менсинүү, бой көтөрүү, көөп кетүү. *Даражаң бир күн өөдө көтөрүлсө, Дардайып түшпөс кандай элирбегиң* (Маликов). *Башыңды чүлгүп дардайба: «Бали, баатыр» дегенге* (Осмонкул).

**ДАРДАЙТ дардай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАРДАК I** Дардандаган ала көөдөн, көйрөң, дардаке. *Атасынын ардагы Аркаланган дардагы* (Убукеев).

**ДАРДАК II: дардак-дардак** Эпсиз көбүнкү алчактаган көрүнүштү, менменсинген көпкөлөң мактанычтуу мүнөздү билдирүүдө колдонулат. *Дардак-дардак этүү.*

**ДАРДАКЕ** Дардандаган көйрөң, ала көөдөн, мактанчаак.

**ДАРДАКЕЙ дардаке** менен бирдей.

**ДАРДАКТА** 1. Дардаң-дардаң этип калдаландаган, көпкөлөң кебетеде болуу, көөдөктөнүү. *Эси жок бала дардактап, жоон билек да болот экен* (Сыдыкбеков). 2. Көңүлү көтөрүлүп сүйүнүп калуу, барбалактоо, мактанып, шаттануу. *Бек кубанып дардактап, Кыяз менен Канчоро Убаданы бек кылды* («Сейтек»).

**ДАРДАКТАТ дардакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАРДАКТОО дардакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРДАЛАКТА дардакта** менен бирдей. *Турумбек тайдан түшпөй, дардалактап күйкөсүн үндөп турган* (Сыдыкбеков).

**ДАРДАЛАҢДА** Дардактоо, дардалактоо, дардандоо. *Дардалаңдап жүгүрүү.*

**ДАРДАҢ I дардаке** менен бирдей. *Эр көкүрөк дардаңын, Кериштеп качпас балбанын, Чогуу жыйып алды эми* («Сейтек»).

**ДАРДАҢ II: дардаң-дардаң** Дардак-дардак эткен көрүнүштү, кебетени, мүнөздү билдирүүдө колдонулат. *Дардаң-дардаң басуу. Дардаң-дардаң этүү.*

**ДАРДАҢБАЙ дардаке** менен бирдей. *Ал – дардаңбайдын бири.*

**ДАРДАҢДА дардакта** менен бирдей. *Мактап койсо аз гана, Көчөгө батпай дардаңдайт* (Барпы). *Жаны калбай дардаңдап, Жардан ылдый жүгүрдү* (Осмонкул).

**ДАРДАҢДОО дардаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРДАҢКҮҮ дардаке** менен бирдей. *Артык жеңил, дардаңкүү, Эң чаңдаяк жан экен* («Эр Төштүк»).

**ДАРДАҢПОЗ дардаке** менен бирдей. *Айды алам деп асманга атырылыш ала көөдөн дардаңпоздун иши эмеспи* (Сыдыкбеков).

**ДАРДАЮУ дардай** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРДЕС дардаке** менен бирдей. *35 жаш! Ойноп-күлдүк ыйладык, Дардес чакты шарап берип сыйладык* (Акималиев).

**ДАРДИСАР** *диал.* Баш ооруга жолуктурган, кайгыга салган, санаа тарттырган. *Мен ырдап берейин ашыглыктан бир сабак. Дак салды уюз жүрөккө Дардисар гөзөл ак тамак* (Барпы). *Калкымдан чыккан дардисар, Каалаган бендең туш болот* (Эл ырлары). *Дакөйүңдү көп ырдап, дардисар болуп жүрөмүн* («Эл адабияты»).

**ДАРДЫЙ дардай** менен бирдей.

**ДАРЕК** Кабар, дайын. *Али күнгө кудасы Адыке жактан эч дарек жок* (Сыдыкбеков). *Өзүңдүн дарегиңи билгенимче он гана күн болду* (Жантөшев).

**ДАРЕКСИЗ** Кабарсыз, дайынсыз, кабары, дайыны жок. *Демейде жаны тынбаган Жылдызкан да үйгө бирөө байлап койгондой дарексиз* (Байтемиров). *Арка болор Алымкулдун дарексиз жоголгонун көрчү* (Абдукаримов).

**ДАРЕКТЕ** Кабарын, дайнын билүү, издөө, сураштыруу, билүүгө аракеттенүү. *Ниязалынын эмне даректеп калдың?* (Бөкөнбаев).

**ДАРЕКТӨӨ даректе** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРЕМЕТ** Каражат, киреше, байлык. *Дареметим ашкан сайын кандайдыр бир жаңылыкты эңсей бердим* (Абдукаримов).

**ДАРЗАН** *диал.* Дирилдөө, калтыроо. *Жүрөгү дарзан уруп кетти.*

**ДАРИГА** Аттигинай! кап! *О дарига, дарига! Жокчулук кандай күчтүү жоо! Кармашканын кайрууга, алышканын алсыратууга даяр...* (Абдукаримов).

**ДАРИГЕР I** Керектиги, зарылдыгы. *Анын эч кандай даригерлиги жок.*

**ДАРИГЕР II** *туурасы:* **дарыгер.**

**ДАРИЧА** *туурасы:* **дарча.** *Карап коюп каш кагып, Даричандан баш багып* (Эл ырлары).

**ДАРИЯ** *туурасы:* **дарыя.**

**ДАРКАН** 1. Согуштук куралдарды жасоочу уста (көбүнчө баатырлык эпостордо). *Кылдың беле кылычты, даркан, Соктуң беле соотту, даркан* («Манас»). 2. *өт.* Ардактуу, касиеттүү, ыйык, кадырлуу, сыймыктуу. *Эр Манас сындуу жоо сайып, Элиңдин болгун дарканы* (Бөкөнбаев). *Жергеме, даркан бул балам, Жеңиштин болот ырышы* (Бөкөнбаев). 3. *арх.* Орто кылымдагы түрк кандарынын наамы. 4. Орто Азияда, Кавказ өрөөндөрүндө ж.б. феодалдардын мамлекет салыгынан бошотулган жер-суусу, мал-мүлкү.

**ДАРКӨЙ** Пейил, кулк мүнөз деген мааниде. *Даркөйүңдү көп ырдап, дардисар болуп жүрөмүн* («Эл адабияты»).

**ДАРКҮМӨН** Санаадар, күмөндөр. *Даркүмөн болуп уулунан, Дагерин угалбады* («Эл адабияты»).

**ДАРКЫРА** Барылдаган катуу үн чыгаруу, дарылдоо.

**ДАРКЫРАК** 1. Даркырап чыккан дабыш, үн. 2. Үнүн катуу чыгарып, көмөкөйү менен сүйлөгөн адам.

**ДАРКЫРАТ даркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАРКЫРОО даркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРМАН** Денедеги күч-кубат, ал, чама. *Басарына дарман жок, Жылып барат Курманбек* («Курманбек»). *Ачкадан чындап эле дарманым кетип, бүткөн боюм алсырап калыптыр* (Абдукаримов). *Катар жүргөн – жылуу сөзүн айтканда Кайрат болмок, кубат бермек дарманга* (Бегимкулова).

**ДАРМАНДУУ** Алдуу, күчтүү, күч-кубаттуу. *Жаштарга жыйнап нарк айтып, Дармандуу болсо чаркыңыз* (Тоголок Молдо).

**ДАРМАНСЫЗ** Куч-кубаты начар, алсыз, чабал, каруусуз. *Дармансыз согуп жүрөгүң, Жазыксыз каның чачылган* (Бөкөнбаев). *Көгүчкөн кыбыроого дармансыз жатат* («Ала-Тоо»).

**ДАРМАНСЫЗДЫК** Каруусуздук, күчсүздүк, алсыздык.

**ДАРМЕК к. Дары-дармек.**

**ДАРМЕКЧИ** *сүйл.* Дарыгер, доктор.

**ДАРОО** Бат, ылдам, тез, бачым, токтоосуз, ошол замат. *Жигит суроого дароо жооп бере койгон жок* (Жантөшев). *Кокус бирөө көрүнсө, дароо мага кабар кылыңыз* (Жантөшев). *Хирург Темиржан Нурматов дароо эле операцияга өттү* («Ден соолук»).

**ДАРПОЗ** *диал.* **дарчы** менен бирдей.

**ДАРРА** ‖ **ДАРРЕ** *арх.* Илгери хандардын заманында күнөөкөрлөрдү жазалай турган салмактуу камчы, кайыш. *Балак деген эптүү жыгач бала урчу, Жини келсе, камчы менен дарра урчу. Дарра деген – кум шыкаган булгаары, Уруксаты шарияттап алынчу* (Чоробаев).

**ДАРС, дарыс.** 1. Окуу, сабак, лекция. 2. Чоң окуу, күчтүү окуу, кээде касиеттүү китеп. *Куп окуткан дарсыны* («Манас» С.О.). *Дарс берип эң жогорку мектепте, Өзүңдөй кадр тапса профессор* (Үмөталиев).

**ДАРТ** 1. Оору, илдет, кесел. *Бала дартка чалдыккан* (Каимов). *Учук деген жаман дарт болот тура* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кайгы, муң, арман, күйүт, азап. *Баланын дартын көп айтпай, чыгаралык көңүлдөн* (Токтогул). *Көрбөй туруп туш болсоң, Кимге айтасың дартыңды* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Ой, максат, тилек, көңүл. *Кемчонтойдон Багдагул Кутулуунун дартында* (Тоголок Молдо). *Чабыттап учкан шумкар кези эмеспи, Дарты анын көлдө сүзгөн бир ак кууда* (Турусбеков).

**ДАРТКАМ даттикем** менен бирдей. *Бир топ кишилер төрт чүкөнү калчап, чын диттери менен дарткам ойноп жатышат* (Абдукаримов).

**ДАРТТАН** 1. Дартка кабылуу, ооруга чалдыгуу. 2. *өт.* Кайгы, мунга түшүү. *Табылдыдан чочулап Чарчагандан дарттанып* («Эр Табылды»).

**ДАРТТИКЕМ даттикем** менен бирдей. *Сейиттин: «Кел эми! Дарттикем!» деген үнү кошо чыгат* (Сасыкбаев).

**ДАРТТУУ** 1. Оорулуу, кеселдүү, илдети бар. *Көксөө болгон карысы, Дарттуусунун баарысы, Арт жагында калышты* («Манас»). 2. *өт.* Кайгылуу, капалуу, күйүттүү, саналуу. *Эчтеме эмес дарттуу жүрөк жазылат* (Сыдыкбеков).

**ДАРЧА** 1. Кичинекей терезе же терезе ордуна салынган кичинекей эшикче. *Ыргып туруп дарчадан сыртты карасам чала уйкулуу көзүмө эшик кызыл жалын болуп көрүндү* («Ала-Тоо»). *Жарышып куштар таңшып, үн угулат, Дарчадан сулуу Айша тыңшап турат* (Үмөталиев). 2. Терезенин ачылма көзөнөгү (форточка). *Кыз жаткан үйдүн дарчасын, Бир колу менен ачыптыр* («Эл адабияты»).

**ДАРЧИН** Жыттуу кабык.

**ДАРЧЫ** 1. Өлүм жазасына өкүм кылынган адамды даргага асуучу желдет. *Кайда кетти дарчылар, Даргага асчуу жалчылар* («Кедейкан»). 2. Керилген аркандын, зымдын үстүнөн басып оюн көрсөтүүчү, дарда ойноочу артист. *Керип койгон жиптин үстүнөн баскан дар-чыны көргөздүм* (Каимов).

**ДАРШАН** 1. *диал.* Жарк-журк эткен, жаркылдаган, жаркын. 2. *өт.* Шаан-шөкөт менен дайын кылуу, даңаза кылуу. *...артынан уул тапканын, келин тапканын элге даршан кылып, жамагатын чакырып той берди* (Касымбеков).

**ДАРЫ I** 1. Ооруларды айыктыруу, дарылоо, алдын алуу жана ооруларды болтурбай коюу максатында жасалган зат. *Ооруп жүрөм. Азыр эле дары ичтим* (Каимов). *Ким деген доктор дарылады, кандай дары берди?* (Бейшеналиев). *Апы деген бир дары, Акыректин түбүнө, Азыр сыйпап алды эле* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Даба, айла, амал, себеп. *Билсең, Кычандын дарысын таптык* (Бейшеналиев). *Каарым келип какайдым, Казыр табам дарысын* («Эр Төштүк»). *Тапсаңчы жүрөк дарысын.*

**ДАРЫ II** Атууда же жардырууда колдонуу үчүн атайын жасалган тез тутангыч зат. *Дарысын ийлеп, ок куюп, Даярланып кырк жигит* («Эр Табылды»). *Сатар кош оозду асынып чачма менен дарыны арбын алган* (Таштемиров). *Батыйдын бригадасындагылар дары коюп, жардырган таштарды кашаттын алдына кулатып жатышты* (Сасыкбаев).

**ДАРЫ III даран** менен бирдей. *Андан ары сен барсаң, Чоң-Алай деген дары бар. Чоң-Алайды жайлаган кыпчактардын байы бар, карын-карын майы бар* (Барпы).

**ДАРЫ-ДАРМАН** *сейр.* **дары-дармек** менен бирдей.

**ДАРЫ-ДАРМЕК** Ар түрлүү дарылардын, дарылоочу каражаттардын жалпы аты.

*Фельдшер күнүгө Лизаны карап, дары-дармегин берчү болду* (Жантөшев).

**ДАРЫГЕР** Дары берүү, дары сыйпоо жолдору менен дарылоочу табып, врач. *Эң себепкер дарыгер, Кылдатты таап алгамын* («Сейтек»). *Азыр санаторийде башкы врач болуп тажрыйбалуу дарыгер Хисамудинова иштейт* («Чалкан»). ‖ Аптекарь.

**ДАРЫГЕРЛИК** Дарыгердин кесиби, милдети.

**ДАРЫКАНА** Дары-дармек даярдап сатуучу жай, аптека.

**ДАРЫКЕР** *туурасы:* **дарыгер.** *Чоң дарыкер Момунжан, Айкөл менен дос болгон* («Сейтек»).

**ДАРЫКЕЧ** **дарыгер** менен бирдей. *Дарыкечтер ичинде, Коңурбай барат кансырап* («Манас»).

**ДАРЫЛА I** Оорусуна, илдетине, жаратына карата, айыктыруу максатында дары берүү, дары сүйкөө, дары-дармек колдонуу. *Ким деген доктор дарылады?* (Бейшеналиев). *Алты ай бою дарылап, Айыктырды колуңду* (Алыкулов).

**ДАРЫЛА II** Жардыруу же талкалоо максатында жарылуучу заттарды (дарыны) колдонуу. *Ырдабай кантип коёмун, Дарылап милте от коюп, Капчыгай зоосун жарганын* (Сасыкбаев).

**ДАРЫЛАН** **дарыла I** этишинин өздүк мамилеси. *Оорумун, дарыланып далай жаттым, Алпечтеп ата-энедей, бактың, кактың.* (Шүкүрбеков).

**ДАРЫЛАТ** **дарыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАРЫЛДА** 1. Үнүн жоон, катуу чыгаруу, баркыроо, дар-дар этип катуу үн чыгаруу. *Дарылдаган үн чыгары менен: – О жолдоштор, эркек, журт – деп Чаргын кубанып кеткен* (Сыдыкбеков). 2. Даркырап бакыруу, бар үнү менен бакырып ыйлоо. *Кичинемде дарылдап ыйлаак да болупмун.* 3. Кездеме же кийим айрылганда же сөгүлгөндө чыккандай дар-дар этип катуу дабыш чыгуу. *Дарылдап айрылып кетти.*

**ДАРЫЛДАК** 1. Дарылдаган, дарылдап сүйлөгөн. *Дөңгөчтү түшүрүп ал,– дей берди отунчулардын дарылдагы* («Ала-Тоо»). 2. Дарылдаган ыйлаак.

**ДАРЫЛДАТ** **дарылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Эмгектин эр бозою дарылдатып, Бузду дың, трактору түтүн чачып* (Турусбеков).

**ДАРЫЛОО** **дарыла I** этишинин кыймыл атоочу. *Радиоактивдүү нурлар рак оорусу сыяктуу ооруларды дарылоодо колдонулат* («Ден соолук»).

**ДАРЫЛУУ I** Эм болууга жарамдуу дарысы бар, дарысы көп.

**ДАРЫЛУУ II** Атылуучу, жарылуучу дарылары бар, ушундай дарылары көп. *Окдарылуу мергенге, Калк ичинде малдууга, Тегиз кабар бергиле* («Эр Табылды»).

**ДАРЫЛЫК** Ооруга, жарага дары болуучу касиети бар, дары жасоого жарарлык, дарылоого боло турган. *Балдын дарылык касиети бар* («Ден соолук»). *Бээнин сүтүнүн дарылыгы бар.*

**ДАРЫМ** *к.* **дарымдар.**

**ДАРЫМДА** 1. Дарым жолу менен эмдепдомдоо. *Ушуну менен дарымдап койбосом чочуп калдым* («Советтик Кыргызстан»). 2. *сүйл.* Жалпы эле дарылоо. *Врач Дадашовду күндүр-түндүр дарымдап, жан алакетке түшүп жүрөт* (Бектенов).

**ДАРЫМДАР** *адаб.* Адам ооруганда, аны жылан же кара курт чакканда, башка бир кеселге же кырсыкка дуушарланганда айыктыруу же ууну, дартты чыгаруу үчүн атайын дарымчы адамдар тарабынан аткарылчу ырлар. Жылан чакканда айтылуучу дарым: *«Кереч, кереч, кер жылан, Керегедей бир жылан. ...Чоң атаңда доом бар, Доолашайын бери чык. ...Ажыдаардай ак жылан, Арбашайын бери чык!»* (Элдик ыр).

**ДАРЫМДОО** **дарымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАРЫМЧЫ** Дарымдоо жолу менен эмдөөчү эмчи-домчу. *Бакшы, бүбү, тамырчы, Эмчи-домчу күзгүчү, Сууну бүрккөн дарымчы Мекир билет экен деп, Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо).

**ДАРЫС** *туурасы:* **дарс.**

**ДАРЫСКАНА** Эски убакта дарс окула турган үй.

**ДАРЫЧЫ** **дарыгер** менен бирдей.

**ДАРЫЯ** 1. Чоң агын суу, чоң өзөн. *Дарыянын шаркыраганы Касейиндин үнүн угузбай кетет* (Сыдыкбеков). *Одер дарыясынан бирге өтүшкөн жоокерлер күлүмсүрөшүп бирин-бири караашты* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Мол, түгөнгүс, эң көп. *Илим деген дарыя, Кече албасаң агасың* («Жазгыч акындар»). *Жолбашчыбыз партия, Акылы мол дарыя* («Жазгыч акындар»).

**ДАС:** **дас оромол** *диал.* Бет аарчы, кол жоолук. *Кур дегенде бир дас оромол тигип берермин* (Абдукаримов).

**ДАСЕРИ** *диал. эск.* Үч пуддук өлчөм.

**ДАСМАЛ** Анча чоң эмес дасторкон. *Ашыр дасмалга түйүлгөн кумараны нары койду* (Сасыкбаев). // Кол аарчы. *Саанчы үйдү саардан мурун желинин жууп, укалап, дасмал менен сүрттү* (Ашымбаев).

**ДАСМИЯ** Колдо болгон байлык, акча каражаты, капитал. *Акылсыз казы ары жок, Сурактан алдың дасмия* (Барпы).

**ДАСТАН** 1. Баатырдык баян – ыр менен түзүлгөн, көлөмдүү көркөм чыгарма. 2. Кызыктуу окуя, кызыктуу көркөм чыгарма. 3. Ангеме, жомок, баян маанилеринде да айтыла берет. *Акыр заман журтунун, Айтууга дастан сөзүсүң* («Манас» С.О.). *«Манас» – эл дастаны, байыркы кыргыз мада-*

*ниятынын кенчи* (Бейшеналиев).

**ДАСТАНИЯ** *диал.* Мойнуна коюу, далилдөө максатында алдын ала жүргүзгөн сурак, териштирген тергөө. *Дастанияны токтотуп, алдыңарда турган насипти ала берсеңерчи* (Сыдыкбеков).

**ДАСТАНИЯЛА** *диал.* Дастания жүргүзүү, териштирип, терген суроо.

**ДАСТАР** Селде, чалма, баш оромол. *Абакеңиз эр Кошой, Дастарын кыйгап чалынып, Жаратканга жалынып.* («Манас»)

**ДАСТОРКОН** 1. Үстүнө тамак-аш коюу максатында жасалган төрт чарчы материал. *Алдыга дасторкон жайылып, үстүнө түркүм даам салынды* (Жантөшев). *Эрке кыз дасторкондогу даамдарды аялдардын астыларына ыйгара берди* (Байтемиров). 2. Даярдалган оокат, тамак-аш. *Дасторконго бата кылынды* (Абдукаримов). *Майрамдык дасторконду кандайча жасаса болот* («Кыргызстан аялдары»). ‖ Тойго барганда же өлгөн адамга куран окутууга алып барылуучу тамак-аш, оокат. *Атасына дасторкон кылып бара элекпиз деп, Зарыл уялып жүргөн болду* («Ала-Тоо»).

**ДАСТОРКОНДУУ** Оокаттуу, тамак-аштуу, тамак-ашы кенен. *Дасторкондуу адамдар.*

**ДАСУУ** **дасыгуу** менен бирдей. *Иштеген ишиме күндөн күнгө машыгып дасуудамын* («Ала-Тоо»).

**ДАСЫ** Такшалуу, көнүгүү, машыгуу, абдан маш болуп көнүп калуу. *Моңолдор иштеген ишин бүт өздөштүрүп, дасыган жумушчулардын катарына кошулган* («Ала-Тоо»). *Мурун мындай иштер баамынан өтүп дасыбаган бала бардык сыры ачылгандай сезди* (Жантөшев).

**ДАСЫГУУ** **дасык** этишинин; кыймыл атоочу. Өз *ишине дасыгуу.*

**ДАСЫК** Такшалуу, мыкты билип көнүгүп калуу, маш болуу, дасуу. *Прокурор да турмушта көптү көрүп дасыккан* (Сыдыкбеков). *Жыйналыштарда көп сүйлөп дасыгып калган эмессиңби* (Бейшеналиев).

**ДАСЫКТЫР** **дасык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАТ I** 1. Сууда же нымдуу жерде көпкө жатып калганда металлдын бетинде пайда болуучу күрөң так, жука катмар. 2. Күн ачылбай, жаан-чачын көп болгон учурларда өсүмдүктөргө, көбүнчө эгинге түшкөн кызгылт күрөң темгил так. *Дат кучөсө, дан алдырбайт* (макал).

**ДАТ II** Арыз-арман, кайгы-муң, ичтеги зар. *Алакандай кат экен, Кат эмес, кайгы дат экен* («Манас»). *Ал Султаналыга датын айта баштады* (Каимов). О, *кагылайын, калың журт, Бар эле датым айтайын* (Жантөшев). *Датымды айткым келет теңирге мен, Асылды теңеп койгон темир менен* (Урмамбетов). *Бир кызга датың айтып, муңга баттың! Түшүңдө да кыйналганы эмнеси экен?* (Сартов)

**ДАТ ДЕП ОТУРУП КАЛУУ** Тилеги, оймаксаты ордунан чыкпай, ойлогонуна жете албай өкүнүчтө болуп калуу. *Ордун сыйпалап дат деп отуруп калды* (Жантөшев).

**ДАТА** Белгилүү бир окуянын так календарлык мезгили, күнү. *Тарыхый даталарды белгилөө.* ‖. Документтин, каттын ж.б. качан, кайсы мезгилде (жылы, айы, күнү) жазылгандыгын көрсөткөн белги.

**ДАТКА** 1. Кокон жана Бухара хандыгында полковниктик чиндеги (кээде генерал) жогорку даражалардын бири. Датканын милдети өзүнө караштуу аймактагы элдин арыз – муңун канга жеткирүү болгон. *Жайладым далай даткасын* («Манас» С.О.). *Бири сарттын саймалуу чапанын жамынып датка болдум деп дардактайт* (Абакиров). 2. Ушундай наамы бар адам. *Жайлоону Шамырбек датка ээлеп келген* (Жантөшев). *Хан, даткалар өкүм сүрүп, Малдай кордук кылышкан* (Бөкөнбаев).

**ДАТКАЛЫК** Кызмат абалы.

**ДАТПАЙРАК** *диал.* Өкүрүк, бакырык, кыйкырык.

**ДАТТА** **даттан** менен бирдей. *Арызын айтып даттады* (Токтогул). *Качырып кызын берсең деп, Кантип мага даттайсың* («Эр Табылды»).

**ДАТТАН** Арыздануу, муң-зарын, кайгысын, датын айтуу. *Алымкул сабоо жеп, Өмүшбайга даттанып барды* (Абдукаримов). *Талаадан таяк жеп, үйдөгү энеге даттанчу жашыңар өткөн* (Сыдыкбеков).

**ДАТТАНУУ** **даттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАТТИКЕМ** Төрт чүкөнү өкчөп ойнолуучу кумар оюну. ‖ Ушул оюнда төрт чүкөнү өкчөгөн мезгилде айтылуучу сөз.

**ДАТТОО** **датта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАТТУУ I** Дат болгон, дат баскан. *Даттуу темир. Даттуу бычак.*

**ДАТТУУ II** Арыз-мундуу, кайгы-капалуу, күйүттүү. *Менин элимде даттуу киши болууга тийиш эмес* (Токомбаев).

**ДАЧА** Шаардык адамдардын жайкысын дем ала турган шаардын сыртындагы үйү.

**ДАШ** Чоң, зор.

**ДАШ КАЗАН** 1. Кирпич жана карапа бышыруучу чоң казан. 2. Аш-тойлордо эл көп чогулган учурларда тамак-аш даярдалууга ылайыкталган өзгөчө чоң чоюн казан. Кээде андай казанды кырк кулач казан деп да аташкан. Өзгөчө чоң жез казан да эскерилет. *Даш казандай туягы. Ак боз бээни сойдуруп, Даш казанга салдырып* (Эл ыры).

**ДАЯ** Бала багуучу аял. *Баланы багуу жагын акылдашты, Даяга берилүүнү макул тапты* («Эл адабияты»).

**ДАЯР** 1. Колдонууга, бир нерсеге жумшоого, керектөөгө камдалып, беленделип коюлган. *Азыр даяр продукциянын сапатын жумушчулар өздөрү контролдукка алышат.*

*Малдын түгөнбөс гүл азыгы дайым даяр болуу керек* (Баялинов). 2. Бир нерсени иштегенге, аткарууга камынган, белен, даярдыгы бар. *Кана, даяр болдуңарбы? – деп Мааты менен Абыл сырттан кирип келишти* (Жантөшев).

**ДАЯРДА** Белендөө, камылга көрүү, камдоо, даярдык көрүү, даяр кылуу. *Шайманыңды даярдап, Шай болгула колхоздо* (Барпы). *Зубайда чай коюп, тышкы үйгө тамак даярдады.* (Убукеев).

**ДАЯРДАЛ даярда** этишинин туюк мамилеси. *Тамак өз убагында даярдалды.*

**ДАЯРДАН даярда** этишинин өздүк мамилеси. *Күн да, түн да баш көтөрбөй даярданалы,– дешип үчөө өз ара убадалашышты* (Бейшеналиев).

**ДАЯРДАТ даярда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДАЯРДАШ даярда** этишинин кош мамилеси.

**ДАЯРДОО даярда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДАЯРДООЧУ** Даярдап топтоо, даяр кылып коюу иштерин жүргүзүүчү. *Эгин даярдоочу пункт.*

**ДАЯРДЫК** Бир нерсеге белендик, даяр тургандык, даяр болгондук, көрүлгөн камылга. *Аз кечиктим Даярдыктын жогунан* (Осмонов). *Асан менен Алымкул кирип келип жолго даярдыкты текшере баштады* (Абдукаримов).

**ДАЯРДЫКСЫЗ** Даярдыгы жок, даярданбастан, даярдык көрбөстөн. *Даярдыксыз кириши.*

**ДАЯРЛА даярда** менен бирдей. *Кызматына даярлап, Кырк жигитти курадым* («Курманбек»).

**ДВОРЕЦ** Падыша, өкмөт башчысы, мамлекет башчысы иштеп жана жашап турган өзгөчө жасалгаланган ири имарат; ордо; ак сарай. ‖ Заңгырата салынган жасалгалуу, маанилүү чоң үй.

**ДВОРЯН дворянин** менен бирдей.

**ДВОРЯНДЫК** *тар.* 1. Дворяндардын абалы. 2. Дворяндарга таандык. *Дворяндык каада.*

**ДВОРЯНИН** *тар.* Феодалдык (кийинчерээк капиталисттик) коомдогу помещиктер менен чиновниктерден турган бийлик жүргүзүүчү жогорку ак сөөктөр катмарынын өкүлү.

**ДЕ** 1. Айтуу, сүйлөө. *Дегениңе көнөйүн, Жолдош болуп берейин* («Эр Төштүк»). *Айта берип, дей берип, өзүм да тилдүү болуп кете турган болдум* (Убукеев). 2. Ойлогондугун, ниеттенгендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Кара дарак жеримди, Кайрылып көрсөм дечү элем* (Токтогул). *Ак маңдай көрөр бекен деп, Айлыңды эңсеп көп келем* (Маликов). 3. **Деген, деп** формаларында. Кандайдыр бир нерсени атоодо же белгилеп көрсөтүүдө колдонулат. *Окуу деген оюнчук эмес* (Убукеев). *Жүгүргөн албайт, буюрган алат деген кеп бар* (Байтемиров). *Аны Шаке деп коюшат* (Сыдыкбеков). *Очок дегени – коломтонун орду, боз үйдүн чок ортосу* (Сыдыкбеков). 4. Кандайдыр бир пикир, ошондой көрө тургандыгын, катарында эсептей тургандыгын билдирүүдө колдонулат. *Э, калп десеңер өзүңөр билгиле!* (Сыдыкбеков). *Ал мени сойдум десе керек!* (Токомбаев). 5. Тууранды жана элестүү сөздөр менен айкалышып, көмөкчү этиш катарында алардын дабышын, үнүн, кыймыл-аракетин же элесин билдирүүдө колдонулат. *Жыгач тирөөчтөр карс дей түшөр бекен деп кыпылдайсың* (Сасыкбаев). *Ууз кымыздын жыты жакын отурган Элебестин мурдуна бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Бүткөн бою дүр дей түштү* (Сыдыкбеков). *Буласы бурт деп бөлүндү* («Эр Табылды»).

**ДЕ... ДЕЗ...** Чет тилден кирген татаал сөздөрдүн төмөндөгүдөй маанилер туюнтуучу тутумдаш бөлүгү: 1. Кайсы бир нерседен бөлүнүүнү, четтетилиши, алмашылышы: *демобилизация, дезинфекция.* 2. Төмөндөө кыймылы, төмөндөө. Мисалдар: *Девальвация, деградация.*

**ДЕ-ФАКТО** Чындыгында, иш жүзүндө. Чындыгында жашап турган, бирок юридикалык жактан тастыкталбаган, мыйзамдаштырылбаган.

**ДЕБАЗОЛ** *мед.* Күрөө тамыр түтүгүн кеңейткен дарылык препарат.

**ДЕБАТ** Кандайдыр бир чогулушта, жыйында талкуулоо, пикир алмашуу, жарыш сөзгө чыгуу.

**ДЕБЕТ** *бухг.* Карыздарды, расходдорду жана алынган нерселерди жазып туруучу кириш-чыгыш китепчесинин сол жак бети. *Конторго барып эсептин дебет, кредитин тактап, анан совхозго барып келем деген* (Сыдыкбеков).

**ДЕБИЛ** 1. Курсактагы түйүлдүк кезинде терс, таасирлерден улам акыл, сезими жакшы өнүкпөй калган адам. 2. Кеңкелес, макоо адам.

**ДЕБИЛДҮҮЛҮК** Акыл, сезимдин алсыздыгы. Психикалык өөрчүнүн кедергилениши.

**ДЕБИЛИЗМ** Тубаса макоолук.

**ДЕБИТ** Убакыт бирдигинде табигый же жасалма булактардан (бургуланган кудуктардан, түтүктөрдөн ж.б.) келүүчү суюктуктун көлөмү, адатта литр секундасына $м^3$ менен өлчөнөт.

**ДЕБИТОР** Карыздар. Белгилүү бир ишканага (уюмга, мекемеге, же жаранга) бересеси бар жеке же юридикалык жак (уюм).

**ДЕБЮТ** 1. Театрда биринчи жолу сыноо түрүндө чыгуу. 2. Саамалык. Бир иштин адеп башталышы. 3. Шахмат оюнунун баш-

талгыч убагы.

**ДЕБЮТАНТ** Дебютка чыгуучу, биринчи баштап, алгачкы чыгып жаткан киши.

**ДЕВАЛЬВАЦИЯ** 1. *экон.* Улуттук акча белгисинин алтын менен камсыз болуу даражасын азайтуу же алардын чет өлкөнүн валютасына карата болгон курсун төмөндөтүү жолу менен мыйзамдуу тартипте өлкөнүн акча системасын стабилдештирүү жолу. 2. *өт.* Кунун кетирүү, баркын кетирүү.

**ДЕВИАЦИЯ** Кандайдыр бир оргaндын өсүшүндөгү четтөө.

**ДЕВИЗ** Негизги жетекчи ойду билдирүүчү кыска сүйлөм. *«Иштебеген тиштебейт» деген девизди жетекчиликке алып, ак ниеттүү түрдө эмгектенүүдө.*

**ДЕВОЛЮЦИЯ** Бир азын бөлөккө бөлүп берүү. Борбордук өкмөттүн кээ бир ыйгарым укуктарынан бир азынын жергиликтүү бийликтерге өткөрүлүп берилиши.

**ДЕГДЕ** Самоо, эңсөө, абдан каалоо, ынтызар болуу. *Биз – эмгекчил, эмгек десе дегдеген* (Калык). *Оюнду дегдеген кыз-келин, уландар бая эле чогулган* (Жантөшев). *Үчөөнүн кыялдары калкып, Фрунзени, институтту дегдешти* (Бейшеналиев).

**ДЕГДЕКТЕ дегдеңде** менен бирдей. *Жыңайлак, жылаңбаш дегдектеп жүргөн балдар да жок эмес* (Сасыкбаев).

**ДЕГДЕҢ: дегдең-дегдең** Энтендеп дегдектеген, шашкалактап энтелеген абалды билдирүүдө колдонулат.

**ДЕГДЕҢДЕ** Шашкалактап, энтендеп жүрүү, дегдең-дегдең этүү. *Анаркан дегдеңдеп отуруп бир жерге келгенде тура калды* (Жантөшев). *Эл камап калса сыртыңдан, Шашып жүрбө дегдеңдеп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ДЕГДЕҢДЕТ дегдеңде** этишинин аркылуу мамилеси. *Куду тебетейди тегеретккенсип, бороондун күчү кичинекей кызды дегдеңдетти* (Сыдыкбеков).

**ДЕГДЕҢДӨӨ дегдеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕГДЕТ дегде** этишинин аркылуу мамилеси. *Бул жер малга жагымдуу дүйүм чөптөрү менен ар качан малчыларды дегдетет* (Каимов).

**ДЕГДӨӨ дегде** этишинин кыймыл атоочу. *Керез, Атай – экөө да Кычан менен далай кызык иштер жөнүндө маектешсек деп дегдөөдө* (Бейшеналиев).

**ДЕГЕЛЕ** Деги эле, деги, абдан, өтө. *Колхозчулардын бүгүнкү кыймылы дегеле жандуу* (Каимов).

**ДЕГИ** Тактоо, күчөтүү маанисинде колдонулат. *Деги кандай жол менен тизмени алабыз* (Абдукаримов). *Деги айтчы, бай болгур, эмне десем ишенесиң* (Байтемиров).

**ДЕГИ ЭЛЕ** Өтө эле, такыр эле. *Татыбек деги эле эчтемени кыртышы сүйбөйт* (Байтемиров).

**ДЕГИЗ де** этишинин аркылуу мамилеси. *Кызуу эмгек жарышта, Кыз-келин артта дегизбе* (Үсөнбаев).

**ДЕГИНКИСИ** Негизи, жалпысынан алганда. *Дегинкиси, мен каршы эмесмин, бирок жакшылап ойлоп, кийин өкүнбөгөндөй бололу* (Абдумомунов).

**ДЕГРАДАЦИЯ** 1. Коомдо жеке адамдын же элдик топтун маңызын жоготуу элдин өнүгүшүн төмөндөтүү жана мурунку калыбына кайта келүү мүмкүндүгүнөн айрылуу. 2. Адамдын психикалык жагдайындагы мурунку жакшы сапаттарын жана касиеттерин жоготушу, начарлай башташы, төмөндөө абалында болушу.

**ДЕГУМАНИЗАЦИЯ** *филос.* Коомдук турмуштагы адамкерчиликтүү, гуманисттик, адеп-ахлактык жана рухий баалуулуктардын талкаланып жок болушу же алардан баш тартуу.

**ДЕГУСТАЦИЯ** Даамын татуу. Тамак-аш азыктарынын сапатын, түсү, жыты жана даамы боюнча баалоо.

**ДЕГЭЭ** Сабы узун, балыкты сайып кармай турган учу эки ача темир.

**ДЕДЕК: дедек болуу** *же* **дедек уруу** Декилдеген, энтендеп дегдеген аракетте болуп, дегдектөө. *Баласынын ороо-чулгоосун жыйып алууга да чамасы келбей, бир келин дедек уруп көчөнүн тиги бетинде баратат* (Сыдыкбеков).

**ДЕДЕКТЕ** Декилдөө, дедек болуу, энтелендеп дегдендеген аракетте болуу. *Чөп жесе жазылып кетчүдөй эчкинин артынан дедектеп, улам козгоп айдап коёт* (Элебаев).

**ДЕДЕКТЕТ дедекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕДЕКТӨӨ дедекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕДИР дегиз** менен бирдей. *Калың журт сага көрүндүм, Качып жүрөт дедирбей* (Токтогул).

**ДЕДУКЦИЯ** *лог.* Ойлоо процессиндеги жалпыдан жалкы жыйынтыкка келүү жолу, ыкмасы.

**ДЕЗ** *туурасы:* **тез I.**

**ДЕЗАВУИРОВАНИЕ** Өзүнүн ишеним көрсөткөн өкүлүнүн жасаган ишин көрсөтүлгөн ишенимдин чегинен чыккан иш, туура эмес иш деп официалдуу билдирүүсү.

**ДЕЗЕРТИР** 1. Өзүнүн аскер бөлүгүн өз бетинче таштап кеткен же армияга чакыруудан качкан, адам. 2. *өт.* Өзүнүн граждандык милдетин, милдеттүү кызматын же

коомдук милдеттүү иштерин аткаруудан баш тарткан адам.

**ДЕЗЕРТИРЛИК** 1. Өзүнүн аскер бөлүгүн өз бетинче таштап кетүүчүлүк же армияга чакырылуудан качкандык. 2. *өт.* Өзүнүн граждандык милдетин, милдеттүү кызматын же коомдук иштерди аткаруудан баш тартуучулук, качкандык.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯ** Оору жугузуучу жана козгоочу микробдорду атайын жасалган дарылар менен жок кылуу. *Дезинфекциядан өткөрүү. Дезинфекция жасоо.*

**ДЕЗИНФЕКЦИЯЛА** Дезинфекция кылуу, дезинфекция жасоо.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯЛАН** **дезинфекцияла** этишинин өздүк мамилеси. *Дезинфекцияланып бүтүү.*

**ДЕЗИНФЕКЦИЯЛАТ** **дезинфекцияла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯЛОО** **дезинфекцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЗИНФОРМАЦИЯ** Саясий, үгүт, насыят ж.б. максаттарга жетүү үчүн ыплас ыкмаларды колдонуп, кайсы бир маселелер, нерселер, окуялар жөнүндө туура эмес, бузуку маалыматтарды атайылап таратуучу, жалган көз караштарды тануулоо менен ишти чаташтыруучу, туура жолдон чыгаруучу аракет.

**ДЕЗОДОРАНТ** Жагымсыз жытты басып, жыпар жыт чыгаруучу суюктук, газдалган нерсе.

**ДЕЗОДОРАТОР** **к. Дезодорант.**

**ДЕЗОДОРАЦИЯ** Жагымсыз жытты жок кылуу же басандатуу.

**ДЕЗОРГАНИЗАТОР** Жөнгө салынган тартипти бузуучу, иритки салуучу, ыркты бузуучу.

**ДЕЗОРГАНИЗАЦИЯ** Кандайдыр бир өндүрүштүн, жумуштун ж.б. нормалдуу иш тартиби бузулуу, ыркы кетүү, баш аламан болуу.

**ДЕИДЕОЛОГИЗАЦИЯ** Коомдук-саясий чөйрөдө, теориялык жана практикалык искусство тармагында, адабиятта саясаттан, саясатташтыруудан баш тартуу.

**ДЕИЗМ** XVII–XVIII кылымдардагы диний-философиялык окуу. Бул окуу – дүйнөнү жараткан кудай деп ишенет, бирок кудай табияттын жана коомдун тиричилигине кийлигишпейт дейт.

**ДЕЙДИ** Келесоо, аңкоо, дөдөй, кеңкелес, эч максатсыз жүрө берген. *Чоро бир орунда курган тамы, тиккен талы жок, жалгыз бой, кулу додо болбогон дейди адам* (Касымбеков). *Үйгө бир күн жолобой, Дейди болуп калыптыр* (Эл ыры).

**ДЕЙДИЛЕН** Дейдилик кылуу, дейдилик мамиле жасоо, келесоолугун көрсөтүү.

**ДЕЙДИЛЕНҮҮ** **дейдилен** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЙДИЛИК** Келесоолук, эч максатсыз жүрө берүүчүлүк, кеңкелестик. *Дейдилик кылуу. Дейдилигин карматуу.*

**ДЕЙИЛДЕ** 1. Алтын, күмүш зым аралаштырып согулган кымбат баалуу кездеменин түрү. 2. Ошол кездемеден тигилген кийим. Айрыкча дейилде чепкен сыйлуу кийит эсептелген. *Бастыргычы дейилде* («Манас» С.О.). *Дейилда чапан. Дейдилдеден сексен миң, Баштатадан Көкөтөй, Дүнүйөнү жыйган тим* («Манас»). *Бастыргычы дейилде, Ак манат менен тыштаган* («Манас»).

**ДЕЙИН** *диал.* Чейин. *Жазда эгилген эгин күзгө дейин орулуп, жыйналып бүтөт* (Баялинов).

**ДЕЙРЕ** Орун, аралык, мезгил, убакыт ж.б. жагынан болгон чекти билдирүү үчүн колдонулат. *Ок жетпес бир топ жерге дейре анын артынан чуркады* (Сыдыкбеков). *Кымыз серке чаначтын колуна дейре түшө түштү* (Сыдыкбеков). *Саат бирге дейре отурдук* (Байтемиров). *Кулбаш жыйырма сегиз жашка келгенге дейре Сарыбайда иштеди* (Абдукаримов).

**ДЕКА...** Бөтөн тилден кирген татаал сөздөрдүн «он», «он эсе» деген маанилерди туюнтуучу тутумдаш бөлүгү

**ДЕКАБРИСТ** *тар.* 1825-жылы 14-декабрда Россияда жеке бийликке жана крепостной укукка каршы революциялык көтөрүлүшкө чыккан дворяндар тобунун катышуучусу.

**ДЕКАБРЬ** Календарлык жыл эсебинин он экинчи айынын аты. *Декабрь айы. Жыйырма экинчи декабрда күн менен түн теңелет.*

**ДЕКАГОН** Он бурчтук.

**ДЕКАГРАММ** Он граммга барабар салмак бирдиги.

**ДЕКАДА** Он күн, он күн убакыт. *Декабрь айынын биринчи декадасы.* // Кандайдыр бир иш чараларын өткөрүүгө арналган он күндүк. *Кыргыз искусствосунун Москвада болуп өткөн эки жолку декадасы улуу достуктун чыныгы символу болуп калды.*

**ДЕКАДЕНСТВО** *адаб.* Батыш Европада, айрыкча Францияда XIX кылымдын акырында пайда болгон адабий агым. (Термин «чөккөн, ындыны өчкөн, үмүтсүздүккө жеңилген» деген сөздөн келип чыккан).

**ДЕКАДЕНТТИК ИСКУССТВО** XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында философияда, эстетикада, искусстводо жана көркөм адабиятта пайда болгон пессимисттик маанай, турмуштан – реалдуулуктан качуу, индивидуалисттик тенденция. Декаденттик искусствого экзистенциализм, сюрреализм, символизм, дадаизм агымындагы чыгармалар кирет.

**ДЕКАН** Жогорку окуу жайында факультетти башкарып туруучу киши, факультеттин жетекчиси. *Филология факуль-*

*тетинин деканы.*

**ДЕКАНАТ** 1. Факультеттин декан башкарган административдик окуу башкармасы. 2. Ушул башкарма жайгашкан жай. *Тарых факультетинин деканаты.*

**ДЕКАЭДР** Он кырлуу.

**ДЕКВАЛИФИКАЦИЯ** Квалификациянын жоготулушу. *Деквалификация болгондорго заманбап квалификация берүү иши башталды.* («Замандаш»).

**ДЕКИЛДЕ** Шашкалактоо, энтендей жүрүү, тез-тез энтендей басуу же жүгүрүү. *Балдарга жетем менен декилдеп келаткан Динар өз кыштагынан узап кеткенин байкабай калган* (Сыдыкбеков). *Нина декилдеп чуркап келип, Макеш менен көрүштү* (Ашубаев).

**ДЕКИЛДЕТ декилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕКИЛДӨӨ декилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕКЛАМАТОР** Көркөм адабиятты үн кубултуп көркөм окуучу, декламация айтуучу артист.

**ДЕКЛАМАЦИЯ** Ырды, прозалык чыгармалардын үзүндүлөрүн көркөм окуу искусствосу, көркөм чыгармаларды үн кубултуп окуу. *Нурийла ырды декламация менен айтууга талаптанып жүрөт* (Таштемиров). *Орус тилинде декламация да айтам,– деди Динар* (Сыдыкбеков).

**ДЕКЛАРАТИВДҮҮ** Декларация мүнөзүнө ээ, декларация мазмунундагы.

**ДЕКЛАРАЦИЯ** 1. Кандайдыр бир маселеге арналган официалдуу билдирүү; өкмөттүн же партиянын атынан закондуу чараларды салтанаттуу түрдө жарыялоо жана ошол чаралар жазылган документ. 2. Ар кандай керектүү маалыматттар жарыяланган кээ бир официалдуу документтердин наамы. *Соода декларациясы.*

**ДЕКОЛЬТЕ** Аялдардын көйнөгүнүн көкүрөгүндөгү терең оюк.

**ДЕКОРАТИВДИК** 1. Бир нерсени кооздоого, көркүнө чыгарууга пайдаланылуучу, керектелүүчү. *Фрунзе шаарынын өзүнө гана 200 миң түп декоративдик жана жемиш бактарын тигүү белгиленген* («Айыл чарба») 2. Сахнанын жабдылышына таандык, декорацияга керектүү.

**ДЕКОРАТИВДҮҮ декоративдик** менен бирдей. *Мектептин алдына сквер курушуп, аны жашыл декоративдүү жана жемиш берүүчү бак-дарактар менен көркккө келтиришкен* («Кыргызстан пионери»).

**ДЕКОРАТОР** Үйлөрдү, имаратты ж.б. кооздоо, жасалгалоо ишине адис, декорацияларды жасоочу сүрөтчү.

**ДЕКОРАЦИЯ** 1. Сахнада көрсөтүлгөн окуянын ордуна, айлана-чөйрөсүнө карата живописттик же архитектуралык мүнөздө берилген жасалга. 2. *өт.* Ички мазмунун, кемчиликтерин боёмолоп, сырт көрүнүшүн кооздоп көрсөткөн, ичи калтырак, сырты жалтырак абал, көрүнүш.

**ДЕКРЕТ** Жогорку бийликтин кандайдыр бир маселе боюнча кабыл алган закондук күчү бар токтому; указ, закон. *Советтердин II съезди тынчтык жана жер жөнүндө декрет кабыл алды.*

**ДЕКРЕТТИК** Декрет жолу менен бекитилген, белгиленген.

**ДЕКРЕТТИК ӨРГҮҮ** Боюнда бар аялдарга берилүүчү отпуск.

**ДЕКСТРИН** Өнөр жайдын ар түрдүү тармактарында колдонулуучу крахмалдан иштелген желим сыяктуу зат.

**ДЕЛ I дал II** менен бирдей. *Митайым, кытмыр, эптүү да, кези келген учурда чала кайым дел, талмалуу да* (Сыдыкбеков). *Күйүткө башын дел кылып, Күнүгө ыйлап какшанган* («Эр Табылды»).

**ДЕЛ II де** этишинин туюк мамилеси. *Аялдар Сонун атын кери терген, Аталган Күлбөс делип, ошол бойдон* (Осмонов).

**ДЕЛ БОЛУУ** *к.* **дал болуу.**

**ДЕЛБЕ** Желикме дарт, ээликтирүүчү оору. *Делбе кылып жылкысын, Кыйла малын кырдырып* («Манас»).

**ДЕЛБЕ БОЛУУ** *аңч.* Куш, бүркүт табына келгенде, салуу үчүн жулунуу.

**ДЕЛБЕ ЧӨП** Жапайы чыгуучу уулуу чөп.

**ДЕЛБЕК: делбек-делбек** Кандайдыр бир нерсенин делпилдеген көрүнүшүн, далдактап желпилдегенин же калдалактап калдаңдап шашылган аракетти билдирүүдө колдонулат *Сабашуунун дабыраган дабышы астында кара көрпө тебетейлер тегеренип, ак калпактар делбек эте учуп түшөт* (Осмоналиев).

**ДЕЛБЕКТЕ** 1. Далдактоо, калдактап желпилдеген көрүнүштө болуу, делбек-делбек этүү. *Андрейдин шинелинин этеги желге делбектейт* (Сасыкбаев). 2. Калдандап шашкалактаган абалда болуу, шашып-бушуп жеңил кыймылдоо. *Бубүш делбектеп короодон чуркап чыкты* («Ала-Тоо).

**ДЕЛБЕКТЕТ делбекте** этишинин аркылуу мамилеси. *Этек-жеңин делбектетпей, курчан белиңди* («Ала-Тоо»).

**ДЕЛБЕКТӨӨ делбекте** этишинин кыймыл атоочу

**ДЕЛБЕЛЕКТЕ делбекте** менен бирдей. *Каапылестен ок жаңылып кетеби деп, делбелектеп кетип бара жатам* (Элебаев).

**ДЕЛБЕЛЕН** 1. Делбе болуу. *Олуя делбеленип этек-жеңи делбиреп, учууга даярданып калгандай туюлду* (Токомбаев). 2. Ээлигүү, алеп-желеп болуу, калдаландап чебелектөө. *Старчын жемин көргөн күйкөгө делбелене түштү* (Каимов).

**ДЕЛБЕЛЕНТ делбелен** этишинин аркылуу мамилеси. *Кандай бозой басып келет, Делбелентип жаш жанды* (Бөкөнбаев).

**ДЕЛБЕЛЕНҮҮ** **делбелен** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛБЕНДЕ** **делбекте** менен бирдей. *Этек-жеңи делбеңдеп, Келер менен кеп айтат* (Токомбаев).

**ДЕЛБЕТАП** Делбе. Алеп-желеп болуп делбеленген же шашкаландап калдаңдаган абал. *Күү табуу жана чертүү өнөрүнө кумарлануу – комузчуну делбетап кылган сыйкырдуу күч ушул* (Каимов).

**ДЕЛБИР** 1. Көңүлдү тарткан, сүйкүмдүү, өзүнө кумар кылган. *Айлдардын ичинде ак жоолук делбир деген болот. Буга жолуккан эркектин иши оңолот* (Каралаев). *Кырга чыккан ак кайыңым! Кызыл жоолук делбирим* (Айтматов). 2. *өт.* Энчилүү ат.

**ДЕЛБИРЕ** 1. Желп-желп этип желпилдеген, дирилдеген абалда болуу, желбирөө. *Мала кызыл крепдешин косынкасынын учу желге делбирейт* (Сыдыкбеков). *Байрактын баары делбирейт* («Эр Табылды»). *Делбиретип деңиз мынча сагынтат, толкунунда калган өңдүү элесим* (Абдалова). 2. *өт.* Эпилдеген жеңил кыймыл-аракетте, элпек, шайдоот мамиледе болуу. *Быяк-тыяктан жолугуп калганда, Эркекыз апа деп делбиреп турат го* (Байтемиров).

**ДЕЛБИРЕТ** **делбире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛБИРӨӨ** **делбире** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛБИРТТЕ** Делбирөө, желбирөө. *Айганыштын көйнөгүнүн гана этеги делбирттейт* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛБИРТТЕТ** **делбиртте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛБИРТТӨӨ** **делбиртте** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛБЭЭ** *туурасы:* **делбе.**

**ДЕЛДЕ** *диал.* Үч жашар кулжа.

**ДЕЛДЕГЕЙ** Делдейип, калдайып турган, калдайынкы. *Бектай бакыраң көз, делдегей кулак бала* (Бейшеналиев). *Кулактары делдегей, эрди чормогой Чоно да ошолордун арасында эле* (Каимов).

**ДЕЛДЕЙ** 1. Калдайган көрүнүшө серейип чыгып туруу, далдайып туруу. *Акия эринин делдейген кулагын тырс-тырс черткилеп, шак-шак күлөт* (Сыдыкбеков). *Кулагы делдейип турат.* 2. Эмне кыларын билбей далдырап түшүү, селейип, жалдырап туруп калуу. *Татыбек делдейип карап калды* (Байтемиров). *Темирболоттун көздөрү алайып, оозу ачылып делдее түштү* (Жантөшев). *Эркинбек чоочун аялдын билгичтигине таң калгандай делдейип башын ийкеди* (Жантөшев).

**ДЕЛДЕЙТ** **делдей** этишинин аркылуу мамилеси. *Убактысыз атылган замбирек үнү элдин бардыгын таңдандырып, кулактарын делдейтти* (Жантөшев).

**ДЕЛДЕЙҮҮ** **делдей** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛДЕК** 1. Делдегей, делдейген, калдайыңкы. ‖ Эдирейген, дердейген. *Делдек таноо, кара чаар, эң сүйкүмсүз бир киши көрүндү* (Баялинов). 2. Желпилдеп делбектеген көрүнүштү, энтелендеп шашкаландаган абалды билдирүүдө колдонулат. *Тик жакалуу боз кемселинин этектери делдек-делдек этет* (Байтемиров).

**ДЕЛДЕКТЕ** Желпилдеп делбектеген көрүнүштө же дегдеңдеп энтелеңдеген, шашкалактаган абалда болуу, делдек-делдек этүү. *Чотурдун тумагынын кулактары делдектеп баратат* (Касымбеков). *Кара жигит делдектеп, Чаргындын столун көрсөтө берди* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛДЕКТЕТ** **делдекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛДЕКТӨӨ** **делдекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛДЕЛЕКТЕ** **делдекте** менен бирдей. *Бир тыйын таппай жайы-кышы делделектеп жүргөнүң жүргөн* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛДЕЛЕНДЕ** **делдекте** менен бирдей.

**ДЕЛДЕҢ** **делдек** менен бирдей.

**ДЕЛДЕҢДЕ** Делдектеген көрүнүштө же дегдеңдеп калдактаган, шашкалактаган абалда болуу. *Жаны калбай делдеңдеп, Качкан балдар андан көп* («Манас»). *Коргондун эшиги шарт ачылып, апам делдеңдеп басып үйгө кирип кетти* (Абдыраманов).

**ДЕЛДЕҢДЕТ** **делдеңде** этишинин аркылуу мамилеси. *Ээрчитип чаарчыгын кайта качты, Кулагын делдеңдете ыкчам желип* (Токомбаев).

**ДЕЛДЕШ** *аңч.* Үч жашка чейинки аркар.

**ДЕЛДИРЕ** Эмне кыларын билбей далдыроо, дел болуу. *Ак жерден кармап сот кылып, Айдоодо журдуң делдиреп* (Токтогул).

**ДЕЛДИРЕМЕЙ** *диал.* Делдиреп калуулук. *Делдиремейин карматкан го.*

**ДЕЛДИРЕТ** **делдире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛДИРӨӨ** **делдире** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛЕ I** Деги, деги эле. *Самтыркан өзүн деле жанга теңебейт* (Байтемиров). *Деле күлкүлөрү таш жарат да* (Сыдыкбеков). *Көк торгун көйнөгү деле жарашыктуу, деле келтүү-көрктүү* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛЕ II** Да, дагы эле. *Балдар түшкөн вертолётко мен деле түшөм* («Жаш ленинчи»). *Кагылайын Зарыл деле тигинтип келатат* (Сыдыкбеков). *Көп деле алыс эмес Брест шаары* (Үмөталиев).

**ДЕЛЕБЕ** Бир нерсенин таасиринин натыйжасында козголгон эргүү сезими. *Комуздун кереметтүү үнү, күүнүн шаңдуулугу жигиттердин делебесин козгоп, көңүлүн эргитет* (Абдукаримов). *Делебени козгоп, радиодон кандайдыр бир сонун музыка ойнолду* (Баялинов).

**ДЕЛЕБЕ КОЗГОЛУУ** Ээлигүү, ээленүү, умтулуу деген маанилерде колдонулат. *Биреөнүн жарык дүйнөгө келгенине өзүнчө эле кубанып, ошол чоң кубанычын ар кимге бөлүштүрүп, кабар салып жүргөн үйчуман баланын сөзү делебемди козгоп кетти* (Айтматов).

**ДЕЛЕГАТ** Кандайдыр бир мекемеден, уюмдан, коллективден ж.б. шайланган же дайындалган өкүл. *Тынчтыкты жактоочулардын конференциясына шайланган делегат. Съезддин делегаты.*

**ДЕЛЕГАЦИЯ** Делегаттар тобу, өкүлдөр тобу. *Чет элдик делегация. Маданият кызматкерлеринин делегациясы.*

**ДЕЛИКАТЕС** Сонун тамак, өзгөчө даярдалган аш, сый тамак, кулжебес.

**ДЕЛИМИТАЦИЯ** (чек араны орнотуу) Чектеш мамлекеттердин ортосундагы чек ара сызыгынын жер бетиндеги ордун так аныктоо.

**ДЕЛИЧЕ** Терезе, каалга, эшик. *(Япондордун үйүнүн) сыртынан биздикиндей каалгасын таппайсыз, деличеси тар келет, киши бүкчүйүп кысылып кирет. Ошондой заңы бар* (Жусупов).

**ДЕЛО** Биреөгө тиешелүү же кандайдыр бир фактыга, тергөө ишине ж.б. карата чогултулган документтердин жыйнагы. *Кызматчынын өздүк делосу.*

**ДЕЛӨӨРСҮ** Дел болуу, делдейип эмне кыларын билбей калуу. *Шейше делөөрсүп, башын ийкеди* («Ала-Тоо»).

**ДЕЛӨӨРҮ** Эң-дең болуу, ээлигүү, желигүү *Жылкылар оттобостон делөөрүп, өйүз тарапты караашты* (Убукеев). *Эмнегедир Безруковдун санаасы тынбай, делөөрүп турup алды* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛӨӨРҮТ делөөрү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛӨӨРҮҮ делөөрү** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛПЕКТЕ делбекте** менен бирдей. *Ашырдын күрмөсүнүн этеги делпектеп, энтеңдеп келе жатты* (Сасыкбаев).

**ДЕЛПИЛДЕ** 1. Желге делп-делп этүү, желпилдөө. *Жел урганда жаман үзүк делпилдеп, үйдүн жыгачтары кычырагандай болот* (Элебаев). *Мураттын пальтосунун этектери делпилдеп, кадимки шамал учуруп жаткан түндүк жабуудай ат үстүндө айланып баратат* (Байтемиров). 2. *өт.* Олуттуу болбогон аракет кылуу, дегдөө, ээлигүү. *Бир үйдө он бала болсо, ону тең окуу дешип делпилдейт* (Сыдыкбеков).

**ДЕЛПИЛДЕТ делпилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕЛПИЛДӨӨ делпилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕЛЬТА** 1. Грек алфавитиндеги үч бурчтуу формадагы 4-тамгасы. 2. *өт. геол.* Дарыянын салааланып көлгө, деңизге куйган жер.

**ДЕЛЬТАПЛАН** Үстү жагы үч бурчтуу, моторсуз учуучу аппарат.

**ДЕЛЬФИН** Киттер тукумуна кирүүчү сүт эмүүчү деңиз жаныбары.

**ДЕМ** 1. Тыноо, ооз аркылуу тыштан ичке кирген, ичтен тышка чыккан аба. *Дем албай тур – дейт. Дем албай турдум тынымга, Дем албай туруш, өлүмгө тете чынында* (Садыков). *Ышкынаалы кезек-кезек терең дем алып улутунгандан башка сөз айткан жок* (Байтемиров). *Жүкөш бат-бат дем алып, эки жагын карана берди* (Сасыкбаев). Илеп. *Жайдын чилдеси ысык демин жерге чачат.* 2. Тез, ылдам, тынымсыз. *Үч карындын майларын бир демге койбой жалмады* (фольк.). 3. Күч, кубат, кайрат. *Ушул сөз мага тоодой дем берген* (Байтемиров). *Баланын деми аны өргө жетеледи* (Байтемиров). *Бели жок жылкы бат арыйт, деми жок киши бат карыйт* (Касымбеков). 4. Арка, жөлөк, бел, таяныч. *Кабылан Манас чырагым, Бир өзүңдү дем кылдык* («Манас»). *Бир карааны тиер деп, Жүрөмүн Айчүрөккө дем байлап* («Сейтек»).

**ДЕМ АЛУУ** Эс алуу, тыныгуу, тыныгууда болу. *Чыканактап дем албай, Чырм этип уйку сеп албай* («Манас»). *Дем алсын деп адамдарды, Молотилка тынчып калды* (Маликов).

**ДЕМ АЛЫШ** 1. Жуманын жетинчи күнү, кызматка чыкпай эс алуучу күн. *Бүгүн жекшемби – дем алыш* (Сыдыкбеков). *Койдун туут учурун соңуркаган балдар дем алыш күнү көп келишет* (Жантөшев). 2. *сүйл.* Окуунун белгилүү бир убакытка токтотулган мезгили, каникул. *Бул балдар үч айлык дем алышты бүтүп, кайра окууга бара жаткандар* (Бөкөнбаев). *Окуудан дем алышка кайткан жаштар* (Сыдыкбеков). 3. Танапис, иштин, чогулуштун ж.б. арасында болгон кыска тыныгуу. *Түшкү дем алыш учуру эле* (Сасыкбаев).

**ДЕМ БАЙЛОО** Биреөнү эш тутуу, ага таянуу, аны бел кылуу, колдоосуна ээ болуу. *Катын да болсо бейбактын, Бир карааны тиер деп, Жүрөмүн Айчүрөккө дем байлап* («Сейтек»). *Мени министерство билет, көп болсо башка районго которулуп кетермин», – деп дем байлады да, түшүнүк жазылган баракты сунду* (Осмоналиев). **В.: Дем кылуу.** *Сага дем кылып келдим* («Ала-Тоо»). *Кабылан Манас чырагым, бир өзүңдү дем кылдык* («Манас»).

**ДЕМ БЕРҮҮ** Чыйралтуу, күчтөндүрүү. *Абдыракмандын үнү кыжырын келтиргени менен, экинчиден, Эшматка дем берди* (Байтемиров).

**ДЕМ САЛУУ** *дин.* Оорулууну айыктыруу үчүн же кандайдыр керемет, сыйкыр жасоо үчүн дуба окуп, ичине абаны же сууну об тартып, кайра аны дубасы арналган адамды

же нерсени көздөй багыттап «сүф» деп үйлөө. Негизинен мусулман окулдөрү Курандын кайсы бир аяттарын, сүрөөлөрүн окуу менен дем салган. *Апсун окуп, дем салды* («Манас» С.О.). *Эшен, кожо чогулуп, Дем салган менен айыкпайт* (Барпы). *Шыбырап молдо, сопу дем салышты* (Токомбаев).

**ДЕМАГОГ** Жалган убадаларды берүү, жагынуу, фактыларды бурмалоо жана ушул сыяктуу жолдор менен популярдуулукка жетишүүгө умтулган жалган саясатчы, ишмер.

**ДЕМАГОГИЯ** Өзүнүн керт башынын пайдасын ойлогон, максаттарына жетишүү үчүн жалган убадаларды берүүнүн, фактыларды бурмалоонун, кошомат кылуунун жардамы менен адамдарга таасир кылуу, куру саясатчылдык.

**ДЕМАГОГИЯЛЫК демагогия** дегенге таандык. *Демагогиялык максат. Демагогиялык жол.*

**ДЕМАРКАЦИЯ** *саяс.* Чек аралаш мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн келишимдердин жана макулдашуулардын негизинде мамлекеттик чек араларды аныктоо жана аны атайын чек ара белгилери менен белгилөө.

**ДЕМАРШ** *саяс.* Бир мамлекет өкмөтүнүн же сырткы иштер ведомствосунун башка мамлекетке тийиштүү кысым жасоо максатын жолдоо өтүнүчү, каршылыгы же эскертүүсү.

**ДЕМБЕ-ДЕМ** Үстү-үстүнө, үстөкө-босток, улам-улам, уламдан-улам. *Жакшы чыккан нак бозо дембе-дем ичиле баштады* (Касымбеков). *Кайыкчы кулумсүрөп алыс карайт, Дембе-дем канжасынан түтүн булап* (Маликов).

**ДЕМБЕЛЕ** Үстү-үстүнө артуу, үстөккөбосток кошумчалоо, уламдан-улам көбөйтүү, аракет тез-тез болуп туруу, күчөө. *Уркуянын эриндери калтырап, кирпиктери дембелеп ирмелип турду* (Байтемиров).

**ДЕМДЕ** Бышкан тамактарды жетилтүү үчүн дымыктыруу; бууга кармоо. *Талча чайды демдеп очоктогу корго коюп койгон* (Байтемиров). *Азыр баргыла, ашым бышып турат. Демдеп коюп келдим* (Байтемиров).

**ДЕМДЕЛ демде** этишинин туюк мамилеси. *Казанда палоо демделип турган* (Байтемиров).

**ДЕМДЕЛҮҮ** Демделген, дымыктырылган. *Очокто чай демделүү болучу* (Байтемиров).

**ДЕМДЕН** Кайраттануу, кубаттануу, күчтөнүү. *Тааныш үн кулагына угулганда демденет да, Жылдызкан башын көтөрөт* (Байтемиров). *Күндөн күнгө жарыктык, көтөрүлдү демденип* (Осмонкул).

**ДЕМДЕНТ демден** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕМДЕНҮҮ демден** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМДЕР: күүлүү-демдер** Күүлүү-күчтүү, кубаттуу, кайраттуу, тың. *Келиңиз, байбиче, келиңиз, күүлүү-демдер жүрөсүзбү* (Турусбеков).

**ДЕМДЕТ демде** этишинин аркылуу мамилеси. *Теңме-тең май кылып, Демдетип палоо бастырып* («Саринжи-Бөкөй»).

**ДЕМДӨӨ демде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМДҮҮ** Күүлүү-күчтүү, кубаттуу, кайраттуу, тың. *Бүбүш мурункудай демдүү жүрбөй басышы да бүжүрөңкү* («Ала-Тоо»). *Кемпирдин жашы жетимиштен өткөн өңдөнөт, бирок али демдүүдөй* (Касымбеков).

**ДЕМЕ I** *сейр.* Күч-кубат, кайрат, дем. *Чиренип дөөмөтүнө бар асмандап, Токтосун аш берүүгө кылды деме* (Маликов).

**ДЕМЕ II** 1. Үстүнө кошуу, кошумчалоо, көбөйүү, күчөө, үстү-үстүнө артуу. *Кымыз эмес эле бал экен, жээнге демеп куй* (Токомбаев). *Отту дагы демеп жакты* (Жантөшев). *Түн эле, кар чапкындап элеп турду, Борошо бет бактырбай демеп турду* (Токомбаев). 2. Бел кылуу, арка тутуу, жөлөк кылуу. *Сени демеп келгенмин.*

**ДЕМЕ III: ар деме** *туурасы:* **ардеме. Бир деме** *туурасы:* **бирдеме.**

**ДЕМЕЙДЕ** Дайыма, ар убак, ар качан, жөн учурларда, адатта. *Демейде кибиреген тумсак Керез кулук Кычанга да караандатпай жөнөдү* (Бейшеналиев). *Демейде шайыр, сөзмөр Жамиланын кабагы бүркөлдү* (Баялинов). *Демейде жаны тынбаган Жылдызкан дарексиз* (Байтемиров).

**ДЕМЕЙДЕГИ** Кадимки, баштагы, адаттагы, баштатан белгилүү, демейки. *Баягы демейдеги чакылдаган жоругу кана?* (Байтемиров). *Салыктын демейдеги сумсайыңкы ирең кара көк тартып, шашканынан алактап калды* (Каимов).

**ДЕМЕЙДЕГИДЕЙ** Баштагыдай, мурункудай, боло жүргөндөй. *Анткени менен кыштак ичи демейдегидей көңүлдүү* («Ала-Тоо»). *Бирок бул көрүнүш демейдегидей мени кубандырып жибере алган жок* («Ала-Тоо»).

**ДЕМЕЙКИ демейдеги** менен бирдей. *Быйылкы жаз – демейки жаздардай эмес* («Кыргызстан аялдары»).

**ДЕМЕК** Кандай себептен, эмнеликтен болгондугун, болууга тийиш экендигин жыйынтыктай белгилөө, жалпылай көрсөтүү, тыянактоо учурунда колдонулат. *Демек, Зуннахун менен да тааныш экенсиз да* (Жантөшев). *Демек, жалаң кедейлер барат экен да* (Турусбеков).

**ДЕМЕКЧИ** Эске түшө калган ойду, мурдатан кепке алынып отурган сөзгө карай өз пикирин кыстара кетүү, эскере кетүү максатында колдонулат. *Демекчи, бизде үйсүз, малсыз колхозчулар жок* (Элебаев).

**ДЕМЖИ** *диал.* Умтулуу, жүткүнүү. *Абдали, үкем, ушул жөнүндө айт! – деп Чоң Койчу комдоно демжип койду* (Жантөшев).

**ДЕМИ КАЙТУУ** к. **деси кайтуу.**

**ДЕМИ СУУ** *к.* **демин суутуу.**

**ДЕМИГҮҮ демик** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМИК** 1. Күйүккөндө, чарчаганда ж.б. энтендеп оор дем алуу, энтигүү. *Керез Майрык молдонун тамынын эшигине барганда демигип токтоп калды* (Бейшеналиев). *Курманбектин Койкүрөң, Баспай келет демигип* («Курманбек»). 2. Алга умтулуу, ашыгуу. *Алдыңкыга жетсем деп, Арткы киши демигет* (Осмонкул). *Оокаттын камын ойлобой; Оюн десе демигип* (Осмонкул).

**ДЕМИКТИР демик** этишинин аркылуу мамилеси. *Тоо абасы тездете басууга мүмкүндүк бербей демиктирди* (Убукеев).

**ДЕМИЛГЕ** 1. Белгилүү бир иштин, аракеттин, саамалыктын башталышына, колго алынышына же аткарылышына багытталган жол, баштаган аракет, дем берген күч. *Кеп жолдо эмес, кеп демилгеде,– деп Зулай сөзгө кирди* (Байтемиров). *Ыракмат, кайраттуу энелер, сиздердин демилге бизге күч кошот* (Сыдыкбеков). 2. Пайдалуу жаңы сунуш, жаңыдан башталган саамалык иш, чара. *Чогулушта Мамбеткулдун демилгесин талкуулайлы* (Каимов). *Башкарма менин демилгеме ыраазы болуп, ошо замат мактоого ала кетти* (Таштемиров).

**ДЕМИЛГЕЛЕ** Демилге көтөрүү, демилге берүү, дем берип кайраттандыруу. *Күч-кубаттын жетишинче демилгелеп жемиш багын өнүктүрөбүз* (Сыдыкбеков).

**ДЕМИЛГЕЛҮҮ** Демилгеси бар, дем берген аракети бар. *Ошол социалисттик чарбаны өз колу менен өстүргөн демилгелүү директор Шамбеттен жөн-жайды укту.*

**ДЕМИЛГЕСИЗ** Дем бере албаган, активдүү эмес, иштин кызуу жүрүшүнө же өтүшүнө ынтызар эмес. *Демилгесиз жетекчи. Демилгесиз аракет.*

**ДЕМИЛГЕЧИ** Демилге көтөрүүчү, дем берүүчү, белгилүү бир ишти баштоочу. *Заводдогу бул эки бригада өз ишканасындагы коммунисттик кыймылдын демилгечилери* («Кыргызстан аялдары»). *Ар бир кызылчачы адилет иштеген демилгечи болсо, колхозубуз жеңишке ээ болору талашсыз* (Жантөшев).

**ДЕМИН БАСУУ** 1. Эс алуу, дем алуу, бир аз тыныгуу (көбүнчө күйүгүп, же чарчаган учурда). *Албетте, күйүккөн киши эң мурда демин басуу керек* («Ала-Тоо»). 2. Сүйүндүргөн, шаштырган сезимин, билгенин айтпай убактысынча токтото туруу. *Иш жыйынтыкталганча демимди баса турайын дегеним менен тынчып бир орунга отура албадым* (Жакыпбеков).

**ДЕМИН ИЧИНЕ АЛУУ** Унчукпоо, сөз чыгарбоо, үн катпоо, билмексенге салып, тымпыйып коюу, сыр сактоо. *Тургандар демдерин ичине алышып, жарданып калышты* (Жусупов). *Тегерегиндеги мыктылар демдерин ичине алып, тым турушту* (Касымбеков). *Базар ичиндегилер адегенде байкемдин ыры кайдан чыкты дегенсип, демдерин ичине алып... ошол жакты тыңшашты* (Жусупов). **В.: Демин ичине катуу.** *Чогулган көпчүлүк кээде демин ичине катып, унчукпай, сөз сүйлөбөй да турду* (Айтматов). Демин ичине тартуу. *Жана элдин дүрдүгүп атка чуркаганда козголбогон кыйды киши азыр тигинин ырайын байкап, чочулап, демин ичине тартты* (Касымбеков).

**ДЕМИН СУУТУУ** Көңүлүн калтыруу, назарын сындыруу, мизин кайтаруу. *Таштын суугу демин суутсун деген жеңе мөгдөй ийилип жанында тим турду эми* (Сыдыкбеков). *Кайсы бирөөлөр курбусунун демин суутуп, башка жакка басып кетет* (Бейшеналиев). **В.: Деми суу.** *Жамыйланын акырындык менен деми сууй баштайт* («Ленинчил жаш»). *Илдетти айыктыруудагы бул дарыгердин «сырын» билсем деп дегдеткен демим суул, туруп калдым* («Ленинчил жаш»). *Дагы ушинтип берүүгө байланган улактай учу кыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, таркап кетет* (Касымбеков). **Демин кайтаруу.** ...*Бирок бу жолу ошол цифра менен да газетанын жана анын авторлорунун демин кайтаргым келет* («Кыргызстан маданияты»). **Деми кесилүү.** *«Бул эмне, биротоло баарынан кол жууп, үмүтү үзүлүп, деми кесилип бүтүп келгенби?» – деп, ...жүрөгү дүкүлдөп кетти* (Касымбеков). **Демин кесүү.** *Ким сурады элиңди, ким кести сенин демиңди* (фольк.). **Деми кайтуу.** *Биз оозубуздан алдырган бөрүдөй демибиз кайтып жолго түштүк* (Элебаев).

**ДЕМИТ** Атырыла кызууланган абалда болуу, улам демеп күчөнүү. *Байбиче сурданып, каарданып, демите тап бергенде, Батийна ага мелтиреп коёт* (Сыдыкбеков). *Чаргын уруп жиберчүдөй демитти* (Сыдыкбеков). ‖ Кекетүү, үстөмдүк кылуу, кыр көрсөтүү, басынтуу. *Кедейди көргөндө сенин демите бергендей жиниң барбы* (Каралаев). *Жардылык, байлык кимде жок, Жардысың деп демитпе* (Токтогул).

**ДЕМИТҮҮ демит** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМКЕШ** *диал.* Дарымчы, дубалап эмдөөчү.

**ДЕМОБИЛИЗАЦИЯ** 1. Тынчтык абалга байланыштуу аскер кызматкерин чыныгы аскер кызматынан бошотуп, резервге же отставкага чыгаруу. *Бир үйдүн бүлөсү аскерден демобилизация болгон атасын күтүп жатышты* («Советтик Кыргызстан»). 2. Куралдуу күчтөрдү жана өнөр жайларды согуш абалынан тынчтык абалына өткөрүү.

**ДЕМОБИЛИЗАЦИЯЛА** Демобилизация жүргүзүү.

**ДЕМОБИЛИЗАЦИЯЛАН** Демобилизациялоого кабылуу, демобилизация болуу. *Армиянын катарынан демобилизациялангандан кийин мен чабан болуп иштей баштадым.*

**ДЕМОБИЛИЗАЦИЯЛОО демобилизациял**а этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМОГРАФИЯ** Калктын составын, эсебин жана анын өсүшүн изилдей турган статистиканын бир бөлүмү.

**ДЕМОКРАТ** 1. Демократияны жактоочу. 2. Буржуазиялык демократиялык партиянын мүчөсү.

**ДЕМОКРАТИЯ** Ишке элдин, коллективдин активдүү катышуусун жана чечүүчү мааниге ээ болгон таасирин камсыз кыла алган башкаруу формасы, саясий түзүлүш, жетекчилик. *Элдик демократия мамлекеттеринин ортосунда илим жана маданий жагынан да бекем байланыштар бар.*

**ДЕМОКРАТИЯЛЫК** Демократияга таандык, демократия принциптерине негизделген.

**ДЕМОН** Христиандардын мифологиясында: шайтан, азезил.

**ДЕМОНСТРАНТ** Демонстрацияга катышуучу. *Токтогон сайын демонстранттар бир жерде бийлеп жатышса, экинчи бир жакта чогулуп ырдап жатышты* (Шимеев).

**ДЕМОНСТРАЦИЯ** 1. Кандайдыр бир коомдук-саясий маанайды көрсөтүп массалык түрдө жүрүү. *Биринчи май демонстрациясы. Демонстрацияга катышуу.* // *Эмгекчилердин демонстрациясы башталды* (Шимеев). 2. Наразылыкты, каршылыкты ж.б. билдирген мамиле, көрүнүш, аракет. 3. Негизги сокку уруучу жерден душманды алагды кылуу үчүн жүргүзүлгөн согуштук аракет.

**ДЕМОНСТРАЦИЯЛА** 1. Бир нерсени эл алдында көрсөтүү. *1895-жылдын 7-майында көрүнүктүү орус окумуштуусу А. С. Попов дүйнөдөгү биринчи радиоприёмникти демонстрациялаган.* 2. Кандайдыр бир нерсенин күбөсү, далили катарында чыгуу, белгилөө.

**ДЕМОНСТРАЦИЯЛАН демонстрациял**а этишинин өздүк мамилеси.

**ДЕМОНСТРАЦИЯЛОО демонстрациял**а этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМӨӨ деме** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕМӨӨР** Дем, кайрат берген күч, жөлөк, тирек, таяныч. *Кебек карыя Батыш үчүн демөөр болду* (Байтемиров). *Найзага таккан желексиң, Аманат жанга демөөрүм, Алдейлеген белексиң* («Сейтек»).

**ДЕМӨӨРҮН демөөр** менен бирдей. *«Сиз» деген сылык сөз ашпозчуга демөөрүн боло түштү* (Бектенов).

**ДЕМӨӨРЧҮ** *экон.* Кандайдыр бир ишти уюштурууга жардам берүүчү, демилгечи, каражат бөлүүчү, акча кайрылуучу инсан, мекеме, уюм.

**ДЕМПИНГ** *саяс.* Бир кыйла, төмөндөтүлгөн баада товарларды бир өлкөдөн экинчисине чыгарып соодалоо. Ички базарга караганда тышкы базарда товарларды кыйла төмөнкү бааларда сатуу.

**ДЕМСИЗДИК** Адамдын жана айбандардын дем алуу жана дем чыгаруу иш-аракетинин ортосунда ушул аракет токтолуп турган мезгил.

**ДЕН** 1. Бүткөн бой, тулку, дене. *Ден көшүлүп жан жыргап, Жакыптын көөнү жай болду* («Манас»). *Карыган Ыса шордуунун, Калбады денде дарманы* (Тоголок Молдо). *Кайсы күнү ким жазды экен атымды Жаш теректин аппак күмүш денине* (Токомбаев).

**ДЕН СООЛУК** Саламаттык. *Биринчи байлык – ден соолук* (макал).

**ДЕНАТУРАТ** Ичүүгө жараксыз кылып коюучу кошмолору бар техникалык спирт.

**ДЕНДАРА** *туурасы:* **дендароо.**

**ДЕНДАРОО** Эки анжы болгон арсар абал, эңги-деңги болуп далдыраган абал. *Абышкам болду деңдароо, Ар кимдер түшүп арага* (Маликов). *Шарип көк желке талаштыра бирөө эсин оодара койгондой талмоорсуп, же жооп айтарын билбей дендароо* (Бейшеналиев).

**ДЕНЕ** Адамдын, жаныбарлардын жалпы бүткөн бою, тулку бой. *Андрейдин денеси дүркүрөй түштү, ачуусу келди* (Байтемиров). *Дене түзүлүшү чымыр киши.*

**ДЕНЕ БОЮ ДҮР ЭТҮҮ** Бир нерседен чочуп, же коркуп кеткендей жыйрыла түшүү. *Алдыңкы орунда керилип чоң отуруп баратса, дене боюң дүр этет, зыңкыя катып тура калгың келет* (Айтматов).

**ДЕНЕ КУЛ** Эч нерсеге эрки жок, кыңк этпей баш ийген, каалаган буйрукту аткаруучу, өмүр бою бирөө үчүн иштеген адам. *Калың кара журтуңду, Дене кул кылып кетпесин* («Манас»). *Алардан калган балдарды, Дене кул кылып алганы* («Манас»).

**ДЕНЕ ТАРБИЯ** *сүйл.* Ар түрдүү көнүгүүлөрдү жасап денени өстүрүү, чыңоо максатында жүргүзүлгөн физкультура. *Дене тарбия машыгууларынын комплекси.*

**ДЕНЕКУЛ КЫЛУУ** 1. Баш көтөртпөй багынтуу. 2. Эс-акылга ээ кылдырбай баш ийдирүү. 3. Түбөлүк баш ийүү. 4. Башын байлап алуу. *Бул мертебе Жаабарсын денекул кылмак тагдырга таарына турган жолу жок* (Айтматов).

**ДЕНЕЛҮҮ** Дене түзүлүшү чоң, албеттүү, москоол, кабелтең. *Москоол денелүү, узун бойлуу кара киши – Сансыздын досу Карып* (Жантөшев).

**ДЕНЕТУРАЛИЗАЦИЯ** *саяс.* Белгилүү бир мамлекеттин атуулун, ушул мамлекеттин букаралыгынан чыгышы же анын ушул букарачылыктан ажыратылышы.

**ДЕНИ ӨЛҮҮ** Эмне кыларын билбей далдырап калуу, аябай коркуп кетүү, акыл-эсин жоготуу, эч нерсени сезбей жалдыроо. *Жол бою жеме угуп, камчы жей берип биротоло дени өлгөн шордууну таң атарда айылга алып келди* (Сыдыкбеков). *Надзирателдин дени өлүп калды* (Бектенов).

**ДЕНОМИНАЦИЯ** *саяс.* Акча реформасын өткөрүп жаткан убактылуу кагаз акчанын наамын жана жазып коюлган наркын өзгөртүү.

**ДЕНОНСАЦИЯ** *саяс.* Бир мамлекеттин экинчи бир мамлекетке өз ара түзгөн келишимдин же макулдашуунун токтотулушу жөнүндө кабарлашы.

**ДЕҢГЕ** Мас. *Такыр уктабай уйкуга деңгемас болуп калган.*

**ДЕҢГЕ МАС БОЛУУ** Акыл-эсин анча жоготпой, элдир-селдир эсине келип турган абалда болуу.

**ДЕҢГЕК** *диал.* Мамы.

**ДЕҢГЕЛ** *туурасы:* **деңгээл.**

**ДЕҢГЕНЕ** 1. Уюшуп ортого акча чогултуп, ага мал (көбүнчө кой, козу) сатып алып союп, жеген эт, шерине. *Кой союшуп эт жеген, Деңгенеге кызыккан* (Молдо Кылыч). *Деңгене болуп ит-кушка, Денесин катар паана жок* («Эл адабияты»). Кезектешип мал союп, анын этин уюшкандар үй-үйүнө бөлүп кетүүнү да деңгене дейт. 2. Оозу кууш, түбү терең тоголок казан. *Деңгенедей башы бар.*

**ДЕҢГЕНЕ КОЗУ** Базарда козу союп бышырып, жиликтеп табак-табак кылып сатып алчу бышылуу тамак. *Кербен сарайда деңгене козу жеп отуруп, базарчылап кетишчү* (Абакиров).

**ДЕҢГИЛ** Кызуу. *Кымызга ала деңгил болуп, ары-бери басып турат.*

**ДЕҢГИРЕ** Башы айлануу, эс-акылы айкын эмес элдир-селдир абалда болуу, эңгиденги болуу. *Сарала бүгүн бир катар ойлорго башын маң кылып, деңгиреп отурган* (Байтемиров). *Деңгиреп бир аздан соң ал жигит да Бук түшүп, эти ачышып жатып калды* (Маликов).

**ДЕҢГИРЕТ** **деңгире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕҢГИРӨӨ** **деңгире** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕҢГЭЭЛ** 1. Нерсенин мейкиндиктеги бийиктигине карай болгон чеги. *Деңиз деңгээлинен 400 метр бийиктиктеги көл.* 2. Бир нерсенин сапатынын, өсүшүнүн, чегинин ж.б. жогору же төмөн экендигин айырмалоочу даража. *Элдин маданий деңгээли. Турмуш деңгээли.*

**ДЕҢГЭЭЛДЕШ** Бирдей деңгээлде, деңгээли бирдей, бирдей даражада. *Маданий жагынан болгон өнүгүшү деңгээлдеш абалда.*

**ДЕҢИЗ** 1. Океандын бир кыйла тарабы кургактык менен курчалган чоң бөлүгү. *Кара деңиз. Жер ортолук деңизи.* 2. Абдан зор көл, кеңири көлөмдөгү суу мейкиндиги. *Каспий деңизи. Цимлянск деңизи.* 3. *өт.* Мол, өтө көп, кең-кесири. *Too жарылып мол келет, Толкуган деңиз кол келет* («Манас»).

**ДЕҢКАНА** *туурасы:* **деңгене.**

**ДЕҢКЕЙ** 1. Дөңкөйүп, бөлүнө көрүнүп туруу, данкаюу, дүңкүйүү. *Деңкее таңылган отунга сүйөнө калып, Зууракан Батийна менен ачык-айрым сүйлөштү* (Сыдыкбеков). 2. Бой көтөрүү, менменсинүү, дердейүү. *Өзү үчүн гана эңкеет, өзгөнүн баарына деңкеет* (Борбугулов).

**ДЕҢКЕЙТ** **деңкей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕҢКЕЙҮҮ** **деңкей** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕҢКЕҢ: деңкең-деңкең** Дердеңдеген, эдиреңдеген басыкты, жүрүштү, көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Деңкең-деңкең желдирип, Марал сындуу бастырып* («Сейтек»).

**ДЕҢКЕҢДЕ** Деңкең-деңкең эткен көрүнүштө болуу. *Астындагы аты желе-жорто деңкеңдейт.*

**ДЕҢКЕҢДЕТ** **деңкеңде** этишинин аркылуу мамилеси. *Марал сындуу Сарала ат, Маңкаңдата бастырып, Деңкеңдете желдирип* («Манас»).

**ДЕҢКИЙ** Мурдун көтөрүп көбүңкү тартуу, дыңкыйып тоотмоксон болуу. *Деңкийген катын.*

**ДЕПАРТАМЕНТ** 1. Административ-дик-территориялык башкаруу мекемеси. 2. АКШда жана Швейцарияда: министерство.

**ДЕПКИР II Кепкир.** *Депкирин кармаган бойдон Акыл аке ордунан тура калды* (Токомбаев).

**ДЕПКИР** *дин.* Кудайды мактаган сөздөр. *Түлөберди акырында «аллоакбардан» баштап, депкирин айтып, баланын жанында турган аялга берди* (Жантөшев).

**ДЕПКИРИ КАЧУУ** *өт.* Айтаар сөзүн үрөйү учуп, өзүн жоготуп коюу, дайнын таппай калуу. **В.: Депкирин таппоо.** *Айгырдын көзү кармалганын Чекиров айтканда, Садыкжан алдастап, депкирин таппай калды* (Осмоналиев).

**ДЕПО** Паровоздор, вагондор туруучу, аларды ремонттоочу атайын жабдылган жай жана ушундай ремонтту жүргүзүүчү мастерской. *Мен паровоз депосуна алты гана күнү иштедим* (Жантөшев). *Депо мастерскоюнун ичи да, тышы да тарсылдап, күрсүлдөп жаңырыкка бөлөнгөн* (Сасыкбаев).

**ДЕПОЗИТ** 1. Аманатчылар тарабынан сактоо үчүн банкка салынган материалдык дөөлөттөр. 2. Мамлекеттик мекемелерге салынып, кайсы бир шарттар түзүлгөндө, кайтарып берилүүгө тийиш акча, баалуу кагаз. 3. Кардардын банкка коюлуучу талаптарын камтыган жана ырастаган жазма.

**ДЕПОЗИТАРИЙ** Депозиттерди сактаган жеке жана юридикалык жак. *Атом кубаттуулугу боюнча Эл аралык агенттиктин деректирине – депозитарийге ратификациялык грамотаны депоненттесин* (ЖК Жарчысы).

**ДЕПОЗИТОР** Депозитке акча салган тарап, адам.

**ДЕПОНЕНТТӨӨ** 1. Кымбат баалуу кагазды, акчаны жана ушул сыяктууларды мамлекеттик мекемелерге (банк же нотариалдык контора) сактоо үчүн берилиши.

**ДЕПОРТАЦИЯ** Куугунтуктоо, сүргүн. Адамды мажбурлап мамлекеттин чегинен чыгаруу.

**ДЕПРЕССИЯ I** *экон.* Өндүрүштүн иши начарлоодон кийин болгон экономикалык айласы жок, алсыз кези. Ал өндүрүштүн жогорулашы байкалбай, иштиктүү активдүүлүктүн жоктугу, товарларга жана тейлөөлөрдө суроо-талаптын төмөндүгү, жумушсуздуктун күчөшү менен мүнөздөлөт.

**ДЕПРЕССИЯ II** *мед.* Нерв системасынын оорусуна байланыштуу адамдын психикалык абалы, дарт. Психиканын чүнчүгөн абалы, ындыны өчкөндүк.

**ДЕПТЕР** Тышталып тигилген, жазуу үчүн колдонула турган барак-барак актай кагаздар. *Аскар китебин жаап, дептерлерин жыйнай койду да сыртка чыкты* (Сыдыкбеков). *Динар дептерлерин жыйнаштырды* (Сыдыкбеков).

**ДЕПТЕРЧЕ** Кичинекей дептер, блокнот. *Яровой сүйлөгөндөрдүн сөздөрүн байкап, кээсин дептерчесине белгилеп коюп отурган* (Байтемиров).

**ДЕПУТАТ** Жогорку бийлик органдарына эл тарабынан шайланган өкүл. *Эл шайлаган ал депутат, Эл милдети жонунда.* (Нуркамал). *Депутатка көрсөтүлүп жатышат, өз кишилер, жүрөгүңө жакындар* (Үмөталиев).

**ДЕПУТАТТЫК** Депутаттын милдети, кызмат абалы. *Депутаттыкка шайлангандардын ичинде аялдар бир кыйла орунду ээлейт* («Кыргызстан аялдары»).

**ДЕПУТАЦИЯ** Уюм, мекеме атынан жогорку органдарга муктаждыкты жеткизүү үчүн өкмөт тарабынан шайланган адамдар тобу.

**ДЕРБИШ** Динге берилип, дүнүйөдөн кечкен, эл кыдырып күн өткөргөн мусулман дининдеги адам.

**ДЕРДЕЙ** 1. Дардаюу, көөп көрүнүү (көбүнчө мурун жөнүндө). *Астындагы Айбанбоз Кош таноосу дердейип, Коёндой кулак серейип* («Манас»). *Ачууланды таноолору дердейип* (Үмөталиев). 2. Мактануу, бой көтөрүү, менменсинүү, чиренүү. *Сонун ырдап жатам го деп, мен ансайын дердее туштум,– дейт Шаршен* («Ала-Too»). *Сабыр эки колун чөнтөгүнө салып дердейип турат.*

**ДЕРДЕЙТ** **дердей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕРДЕЙҮҮ** **дердей** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕРДЕКТЕ** **дердеңде** менен бирдей. *Эки таноо дердектеп, Келтекче тоонун кабындай* («Сейтек»).

**ДЕРДЕҢ: дердең-дердең** Таноонун дердейип көбүңкү тарткан көрүнүшүн, же бой көтөрүп менменсинген мактанчаактыкты билдирүүдө колдонулат. *Быйпыгый эки таноосун дердең-дердең эттирет* (Жантөшев).

**ДЕРДЕҢБАЙ** *сүйл.* Мактанчаак, бой көтөргөн, менменсинген, куу чирен, ала көөдөн, дардаңбай. *Кээде жигитти бир көргөндө эле, а кокуй, чиренимиш болгонуң менен каш-кабагың ким экениңди дайындап койду; анык дердеңбайдын өзүсүң го деп тымызын гана кирпиктин учунан сынап коюучу* («Ала-Too»).

**ДЕРДЕҢДЕ** 1. Дердең-дердең этүү, дердейүү (көбүнчө мурун жөнүндө). *Азоолордун таноолору дердеңдеп, кошкурук атып жалт кайра бурулушту. Балдар күйүгүп калыштандыктан таноолору дердеңдеп, мурундарын шыр тартышат* (Осмонов). 2. Мактануу, көтөрүлүп менменсинүү, бой көтөрүү. *Бала дердеңдеп кырдуусунду.* 3. Көңүлү көтөрүңкү болуу, эдирендөө. *Бир бала дердеңдеп чуркап келип, үйгө кирди* (Баялинов).

**ДЕРДЕҢДЕТ** **дердеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЕРДЕҢДӨӨ** **дердеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЕРЕ** *диал.* Капчыгай, кууш өрөөн.

**ДЕРЕЙ** 1. Серейген кыймылсыз көрүнүштө болуу. *Дерейип катып калган киши жатат. Арчанын көлөкөсү аны басат* (Шүкүрбеков). 2. Дердейүү, менменсинүү, көтөрүлүү, чиренүү, бой көтөрүү. *Сөз чыгарбайт кедейден, Старчындар дерейген* (Тоголок Молдо).

**ДЕРЖАВА** Өз алдынча саясат жүргүзгөн көз каранды эмес ири мамлекет. *Улуу, держава. Кубаттуу державага айлануу.*

**ДЕРМАНТИН** Кездеменин бетине нитроцеллюлозадан жаап жасалган жасалма булгаары сыяктуу материал. *Ширеңкенин оту дермантинден тигилген спорттук күрмөчөн жаш жигитти аз гана убакытка жарык кылды* (Айтматов). *Кара дермантин капталган эшик ачылганча Бака карбаластап зорго чыдоодо* (Бейшеналиев).

**ДЕРМАТИТ** Теринин сезгениши.

**ДЕРМАТОЗ** Тери оорусу

**ДЕРМАТОЛОГ** Тери оорулары боюнча адис.

**ДЕРМАТОЛОГИЯ** Тери ооруларын изилдөөчү медицинанын бир бөлүмү, тери оорулары жөнүндөгү илим.

**ДЕРМОТОЛ** *вет.* Терини куудуратуучу жана кургатуучу дары.

**ДЕС** 1. Күч, кубат, бийлик. *Жамандын колуна дес тийсе, оңдурбайт. «Колуна дес тийсе малыма, башыма ээ кылбай бийлеп алабы, басмырлап коёбу» деп чочулайт экен.* (Убукеев). 2. Көңүл, кызуу дем, көңүл илеби. *Сөз токтоп, эринен деси сууган келин эндирейт* (Сыдыкбеков). *Чаргын сен биздин десибизди жандырба* (Сыдыкбеков).

**ДЕСАНТ** Согуштук аракеттерди жүргүзүү үчүн душмандын территориясына (корабль же самолёт менен) түшүрүлгөн аскердик күчтөр: *Парашют десанты. Деңиз аркылуу түшүрүлгөн десант.*

**ДЕСАНТТЫК десант** дегенге таандык. *Десанттык бөлүктөр. Десанттык кемелер.*

**ДЕСАНТЧЫ** Десанттык бөлүктүн аскери.

**ДЕСЕРТ** Тамактануунун аяк жагында берилүүчү таттуу тамак, жемиш же конфет.

**ДЕСЕРТТИК ВИНО** Жүзүмдөн жасалган таттуу вино.

**ДЕСЕРТТИК десерт** дегенге таандык.

**ДЕСИ КАЙТУУ** Көңүлү калуу, деми сууй түшүү, шагы сынуу, назары сынуу, баштагыдай болбой басаңдай түшүү. *Улуу кишилердин деси кайтпасын, шагы сынбасын* (Сыдыкбеков). **В.: Деси суу.** *Батыйнанын... буту шалдырап, деси сууду* (Сыдыкбеков). *Сөз токтоп, эринен деси сууган келин эндирейт* (Сыдыкбеков),

**ДЕСИН КАЙТАРУУ** Көңүлүн калтыруу, демин суутуу, шагын сындыруу.

**ДЕСПОТ** 1. Байыркы Чыгыштын кул ээлөөчү монархиясындагы чексиз бийлик жүргүзүүчү жогорку аким. *Аныктап Азияны уккам андан: Деспоттор эл жүрөгүн тилген жара* (Токомбаев). 2. *өт.* Башкалардын оюу, тилеги менен эсептешпестен, өз оюндагысын таңуулаган катаал киши, залим.

**ДЕСПОТИЗМ** Чексиз жүргүзгөн катаалдык, залимдик.

**ДЕСПОТТУК деспотизм** менен бирдей. *Деспоттуктун өкүм сүрүшү. Деспоттук кылуу.*

**ДЕСТЕ** *диал.* 1. Сап, нерсенин колго кармоого туура келүүчү сабы. *Камчынын дестеси.* 2. Букет, гүлдесте. *Ошол гүлдөрдөн десте кармап, сага кучактатсам деген тилегим бар эмес беле* (Мавлянов).

**ДЕСТЕП** Эң алды менен, а дегенде эле, эң мурун.

**ДЕТАЛЬ** 1. Иштин же белгилүү бир маселенин майда учурлары, көрүнүштөрү. *Майда деталына токтоп турбай эле эң негизгисин айтты. Эң башкысы: аңгеме майда деталдарынан өйдө лирикалык планда түзүлүп, сезимге таасирдүү экендигинде* («Ала-Тоо»). 2. Машинанын, механизмдин бөлүктөрү, тетиктери. *Мына экөөбүз куйган деталдар,– деди мастер өсөрдү карап* (Сасыкбаев). *Шура чарыкка деталдын улам башка жагын кармай берет* (Сасыкбаев). 3. *адаб.* Көркөм чыгарманын майда бөлүкчөсү.

**ДЕТДОМ** *сүйл.* Ата-энеси жок, карашары, жардамдашары жок жетим балдарды тарбиялоочу балдар үйү. *Уруя детдомдо тарбияланып, коомдук шарттарда өскөн* (Байтемиров). *Антонина Костяны кандайдыр бир детдомго берди* (Баялинов).

**ДЕТЕКТИВ** 1. Андып, байкап билүүчү жашырын тыңчы, полициянын жашырын агенти, жансыз. 2. Тыңчылардын, жашырын агенттердин окуялары.

**ДЕТЕКТИВДҮҮ АДАБИЯТ** *адаб.* Кылмыштуу окуяларды курч сюжеттерде сүрөттөгөн чыгарма. *Детективдүү роман. Детективдүү чыгарма.*

**ДЕТЕКТОР** Кулакка сезилген термелүүнүн жогорку жыштыгын, термелүүнүн төмөнкү жыштыгына кайта өзгөртүүчү физикалык түзүлүш.

**ДЕТЕРМИНИЗМ** *филос.* Табияттын жана коомдун бардык көрүнүштөрүнүн себептүү шартталуусу жана закон ченемдүүлүгү жөнүндөгү илимий түшүнүк.

**ДЕТЕРМИНИСТ** Детерминизмди жактоочу.

**ДЕТОНАТОР** Жардыргыч зат.

**ДЕФЕКТ** Кемчилдик, майыптык, жетишсиздик.

**ДЕФЕКТИЛҮҮ** Кемчилиги бар, кемтиги же жетишсиз жагы бар.

**ДЕФЕКТОЛОГИЯ** *пед* Көрүү, угуу, сүйлөө мүчөлөрүндө, акыл-сезиминде табигый кемчилиги бар балдарды окутуу менен тарбиялоо маселелерин изилдөөчү педагогикалык тармак.

**ДЕФИНИЦИЯ** Нерсенин негизги, айырмалуу касиеттерин белгилөөчү же түшүнүктүн мазмуну менен чегин белгилөөчү логикалык аныктама.

**ДЕФИС** Татаал сөздөрдүн арасына (мис. анда-санда, жалт-жалт, кайгы-капа, жекеме-жеке) коюлуучу же ташымалдын белгиси катарында колдонулуучу кыска сызыкча (-).

**ДЕФИЦИТ** 1. Кирешеден чыгашанын ашып кетиши. 2. Кандайдыр бир нерсенин тартыштыгы, жетишсиздиги.

**ДЕФЛЯЦИЯ** 1. Шамалдан улам жер кыртышынын бузулушу. 2. Жүгүртүүдөн артыкбаш акчаны алып коюу жолу менен акча массасын азайтуу. *Сал.* **инфляция** менен.

**ДЕФОЛТ** 1. Банктар жана өкмөт тарабынан финансылык төлөмдөрдүн аткарылбашы. 2. Компанияны жоюу мезгилинде баалуу кагаздар боюнча пайыздардын төлөнүшүнүн токтотулушу.

**ДЕФОРМАЦИЯ** Массасы өзгөрүлбөсө да, нерсенин формасынын бузулушу (кысылышы, ийрейиши, толгонушу ж.б.).

**ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ** Бирдиктүү борбордон эле башкара бербей, ал иш-милдетти жер-жерлерге да берүү.

**ДЖАЗ** 1. Көбүнесе урма жана үйлөмө музыкалык аспаптардан түзүлгөн оркестрдин өзгөчө тиби. 2. Ушундай оркестрлерге арналган көңүл ачуучу, көбүнчө бий музыкасы.

**ДЖАЗИСТ** Джазда ойноочу музыкант.

**ДЖЕМ** Мөмө-жемиштерден жасалган коюу варенье.

**ДЖЕМПЕР** Токулган кофта, топчулугу жок туюк, жылуу, сокмо көйнөк. *Үстүнө кара көк джемпер кийген кара тору кыз Мырзабекти карайт* (Абдумомунов).

**ДЖЕНТЛЬМЕН** Жүрүш-туруштун эрежелерин катуу сактаган, сыпайы, сылык, тыкан кийинген мырзалык сапаттарга ээ адамдарга карата колдонулган сөз. – *Сатар Саткеевич, – деп джентльмендерчесинен өтө элпек, ылдам колун сунду* (Шимеев).

**ДЖИН I** Пахтаны чигиттен ажыраткыч машина.

**ДЖИН II** Арактын бир түрү.

**ДЖУНГЛИ** Индиянын суу каптап кетүүчү өрөөндөрүндөгү жапыз өскөн чер токойлуу адам өтө алгыс чытырман, тропиктик өлкөлөрдөгү саздуу чытырман токой.

**ДЖУТ** Сабагынан була алынып, буласынан көбүнчө одуракай мата токулуучу жана бышык аркан жиптер жасалуучу техникалык өсүмдүк.

**ДЗОТ** Снаряддын чачырандыларынан, октон коргонуу үчүн жерден казып жасалган жай, душманга ок атуучу точка. *Чолпонбай болжогон жерине жетип, дзотко карата гранаталарды ыргытты* (Жантөшев).

**ДЗЮ-ДО** *спорт.* Японлордон таралган эркин күрөштүн түрү.

**ДИАБЕТ** 1. Уйку бездин клеткаларынын кызматы бузулуп, алар инсулин гормонун жетишсиз иштеп чыгуудан канда канттын көбөйүп кетишинен келип чыккан дарт. 2. *мед.* Сийдикти көп чыгаруучу бир катар оорулардын жалпы аты.

**ДИАБЕТИК** Диабет оорусу менен ооруган адам.

**ДИАГНОЗ** Оорулууну бардык жагынан текшерүүнүн негизинде кандай оору экендиги белгиленген аныктамасы. *Оорунун диагнозун койгондон кийин, аны дарылаш оңой болот* (Абдумомунов). *Гулайым кунт коюп угуу менен илдеттин аттарын, диагнозду кантип аныктаарды такып сурайт* (Бейшеналиев).

**ДИАГНОСТИКА** 1. Оорулардын белгисин, диагнозду аныктоонун методу жана принциби жөнүндөгү медицинанын бир бөлүмү. 2. Диагнозду аныктоо, диагноз коюу.

**ДИАГОНАЛЬ** 1. *мат.* Көп бурчтуктун кыйгач эки бурчун кошуучу түз сызык же көп кырдыктын бир тегиздикте жатпаган бурчтарын кошуучу түз сызык. 2. Кыйгачтанып кеткен жол-жол изи билинип турган тыгыз токулган кездеме.

**ДИАГРАММА** Кандайдыр бир чондуктардын өз ара катышын айырмалап белгилеп, салыштырып туруучу атайын көрсөтмөлүү чийме. *Өнөр жайлардын өсүш диаграммасы. Ремесголук окуу жайынан келген балдар, кыздар көрсөтмө такталарды, диаграммаларды карап жүрүшту* (Сасыкбаев).

**ДИАЛАП** *комп.* Алыскы компьютер менен телефон аркылуу байланыш түзүү – телефон номерге чалуу жана абонент менен байланышуу.

**ДИАЛЕКТ** Бир тилдин ичиндеги жергиликтүү өзгөчөлүккө ылайык өзүнүн кээ бир грамматикалык, фонетикалык жана лексикалык өзгөчөлүктөрү менен айырмалануучу ички тармагы. *Кыргыз тилинин түндүк диалектиси жана түштүк диалектиси.*

**ДИАЛЕКТИЗМ** Адабий чыгармаларда же речте учуроочу белгилүү диалектиге таандык сөздөр же сөз тизмектери, диалектилик факт.

**ДИАЛЕКТИК** Диалектикалык философияны жактоочу, диалектикалык методду колдонуучу.

**ДИАЛЕКТИКА** 1. Жаратылыштын, адамзат коомунун, аң-сезимдин өнүгүп, өзгөрүп турушунун жалпы законлору жөнүндөгү илим, ички карама-каршылыктарды, эски менен жаңынын ортосундагы күрөштү ачуу жолу менен жаратылыштын жана коомдун тынымсыз кыймылда, өнүгүп-өзгөрүү абалында болуп турган кубулуштарын билүүнүн илимий методу. 2. Кыймылда болуу, өсүп-өнүгүү абалында болуу процесси. *Окуялардын диалектикасы. Тарыхтын диалектикасы.*

**ДИАЛЕКТИКАЛЫК** Диалектикага негизделген, диалектикага таандык. *Диалектикалык философия. Диалектикалык метод. Диалектикалык материализм.*

**ДИАЛЕКТИЛИК** Адабий тилдегидей эмес, диалектиге таандык. *Тилдин диалектилик өзгөчөлүгү.*

**ДИАЛЕКТОЛОГ** Диалектология жагынан адис.

**ДИАЛЕКТОЛОГИЯ** Тил илиминин диалектилерди изилдөөчү бир тармагы.

**ДИАЛЕКТОЛОГИЯЛЫК** **диалектология** дегенге таандык. *Диалектологиялык карта. Диалектологиялык атлас. Диалектологиялык экспедиция.*

**ДИАЛОГ** 1. Эки же бир нече адамдын бири-бирине карата өз ара сүйлөшкөн сөзү. *Чөнтөгүмдөн дептеримди суурул чыктым да, диалогдун жүрүшүн жазып алууга киришитим* («Ала-Тоо»). 2. Адабий чыгармалардагы эки адамдын сүйлөшүшкөнүн көрсөткөн бөлүмү. 3. Сүйлөшүү, аңгемелешүү формасында жазылган адабий чыгарма.

**ДИАМАТ** *сүйл.* Диалектикалык материализм (окуу курсу жөнүндө).

**ДИАМЕТР** Айлананын эки точкасын туташтыруучу жана борбор аркылуу өтүүчү түз сызык. Ар кандай тегерек же тегерек сыяктанган нерсенин туурасынан алгандагы аралыгы, өлчөмү.

**ДИАПАЗОН** 1. Музыкалык инструменттердеги же обончунун үнүндөгү эң төмөнкү нотадан тартып эң бийик нотага чейинки чыккан дабыштын жалпы жыйындысы. 2. *өт.* Бир нерсенин камтыган көлөмү, арымы, кендиги. *М. Мануйлованын чыгармачылык диапазону өтө кеңири* («Кыргызстан аялдары»).

**ДИАСПОРА** Өз тарыхый журтунан алыста бөлөк этностук чөйрөдө салыштырмалуу өз алдынча организм катары сакталып калуунун зарыл шарттарына ээ болгон этностук теги бир адамдардын туруктуу тобу.

**ДИАТЕЗ** Организмдин реактивдүүлүгүнүн өзгөрүп, ооруунун чыгышына көмөкчү болуусу.

**ДИАФИЗ** Жиликтердин эки башынын ортоңку жумуру жери.

**ДИАФИЛЬМ** Сүрөтү көрсөтүлүп, астына түшүндүрмө жазылган (көрүү курал иретинде пайдаланылат) кыска фильм.

**ДИАФРАГМА** Көкүрөк клеткасын ич клеткасынан бөлүп турган көк эт.

**ДИБАЗОЛ** Кан басымын төмөндөтүүчү дары.

**ДИВАН I** Отурууга, жатууга ылайыкталып жасалган жумшак эмеректин бир түрү. *Дивандан орун алган соң, чоң эне өзүнүн жумшак колун Омордун тизесине койду* (Сыдыкбеков).

**ДИВАН II** 1. Эски Турцияда султандын алдындагы чиновниктердин, даражалуу адамдардын кеңеши, чыгыш мусулман мамлекеттеринде акимдердин жыйыны, кеңешмесинин аталышы. 2. *адаб.* Чыгыш адабияттарында лирикалык чыгармалардын жыйнагынын аты, жыйнак, же бир нече автордун белгилүү бир эреже-норма боюнча түзүлгөн китеби, же кол жазмасы.

**ДИВАН БЕГИ** Бухара хандыгындагы аталыктан кийинки мансап, казына иштерин башкаруучу.

**ДИВАНХАНА** 1. Суракчылардын мекемеси. 2. Акимдер кеңеше турган үй. *Көздүү атанган, бий атанган, тектүү атанган адамдар ордонун жасалгалуу диванханасына жык толду* (Касымбеков).

**ДИВЕРСАНТ** Диверсия жасоочу.

**ДИВЕРСИЯ** Душмандын тылында согуштук, мамлекеттик маанидеги объектилерди катардан чыгаруу, бузуп-талкалоо же чет мамлекеттин агенттери тарабынан кандайдыр бир өлкөдө зыяндуу иштер жүргүзүү, кыйратуу.

**ДИВЕРСИЯЛЫК** **диверсия** дегенге таандык. *Диверсиялык топ. Диверсиялык иштер.*

**ДИВИДЕНТ** *экон.* Кошкон упайга карата берилген таза пайданын үлүшү. Акция ээлеринин – пайщиктердин ортосунда бөлүштүрүү үчүн акционердик коом тарабынан бөлүнгөн пайданын бир бөлүгү, үлүшү.

**ДИВИДЕНТТЕР** Акционердик коом отчёттук мезгилде алган пайданын акционерлерге акцияга жараша бөлүнүп бериле турган бөлүгү.

**ДИВИЗИОН** 1. *сог.* Артиллериялык, кээде кавалериялык же бронетанкалык бөлүктөрдөгү аскердик бөлүк. 2. Бирдей типтеги бир нече согуш кемелеринин бирикмеси.

**ДИВИЗИЯ** Бир нече полктон же бригададан түзүлгөн аскердик ири бирикме. *Октябрь айынын башында дивизия сапарга камынды* (Абдукаимов). *Эртеси кыргыз уулдары кызмат кылган артиллерия дивизиясын көздөй жөнөдүк* (Бөкөнбаев).

**ДИГЕР** 1. Мусулмандардын күн сайын окулуучу беш убак намазынын үчүнчүсү. 2. Күн батарга жакын деген убакытты белгилөө маанисинде да айтыла берет. *Кечки дигер кезинде* («Манас» С.О.). *Бай Жакып жаңы келгенде, Дигер болгон чагы бар* («Манас» С.О.). *Күн дигер болду* (Жантөшев). *Бешим маалы өткөндө, Дигерге жакын жеткенде* («Эр Табылды»).

**ДИДААР** 1. Жүз, бет, өң. 2. Көрүшүү, жолугушуу. *Ак-Талаа, Куртка жер аман, Агатууган эл аман, Көрүштүк дидаар канимет, Учурашып деги аман* (Тоголок Молдо). *Дык көрдүм канча Коңурдан, Дидаары курсун Эсенкан. Карчалыша келгенде, Кыйноону тарткан биздин жан* («Манас»).

**ДИДАКТИКА** Окутуунун жалпы закондору жөнүндөгү педагогика илиминин бир тармагы, бөлүмү.

**ДИДАКТИКАЛЫК** 1. **дидактика** дегенге таандык. 2. *өт.* Акыл-насыят берүүчү, таалим-тарбия берүүчү.

**ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР** *адаб.* Дидактикалык адабият акыл-насаат берүүчү, таалим тарбия үйрөтүүчү, курч сөздүү, көлөмү чакан көркөм чыгармалар.

**ДИДАР** **дидаар** менен бирдей. *Атай Сейнепти кучагынан жибербей анын дидарын тиктейт* (Каимов). *Аман-эсен келгиле, Ак дидарым, көргүлө* («Эр Табылды»). *Дидарыңды көрбөсөм, Тойбойт элем Умсунум* («Эл адабияты»).

**ДИЕТА** Табы менен тамактануу. Терген же ылгап тамактануунун белгиленген режими.

**ДИЕТЕТИКА** Организмдин туура тамактануусу жөнүндөгү илим.

**ДИЕТОЛОГИЯ** **диетика** Оорулуу адамды мүнөздөп тамактандыруу жөнүндөгү илим.

**ДИЗАЙН** 1. Көркөм сүрөт жана коздоо өнөр кесип, буюмдарынын өзүнүн үлгүлөрүн жасоо жана бир нерсени жасалгалоо чара-

ларын камтыган багыттын аталышы. 2. Ой, пикир, проект, конструкция, сүрөт, композиция.

**ДИЗАЙНЕР** Нерсени көркөмдөө менен айланасын жасалгалоочу адис адам, сүрөтчү-конструктор.

**ДИЗЕЛЬ** Өтө кысылган абанын жогорку температурасынан от алуучу, суюк отун (мис. нефть, бензин ж.б.) менен ичтен күйүү аркылуу иштөөчү кыймылдаткыч.

**ДИЗЕНТЕРИЯ** *мед.* Адам менен малда боло турган ириң аралаш ичегинин жугуштуу оорусу. Дизентерия таякчасы себепкер болгон ич өткөк.

**ДИК: дик-дик** Көбүнчө жүрөктүн тез-тез согушун же дикилдеп бат-бат кыймылдаган аракетти билдирүүдө колдонулат. *Динардын дик-дик этип жүрөгүнүн соккону өзүнө угулду* (Сыдыкбеков).

**ДИКЕК** *диал.* Ичи ичтелип, сырты коздолуп жасалган жылуу ат жабуу.

**ДИКИЛДЕ** 1. Дүкүлдөп тез-тез кагуу (көбүнчө жүрөктүн согушуна карата), дик-дик этүү. *Динардын жүрөгү дикилдеп бегирээк сокту* (Сыдыкбеков). *Акыркы күндөрдө жүрөгүм дикилдеп кагат* (Турусбеков). 2. Абдан тез кыймылда болуу. *Батийна сыр алдырбай баштагыдан бетер дикилдеп иштеди* (Сыдыкбеков). *Аңгыча үйдүн нары жагынан он бирлер чамасындагы бир кара бала дикилдеп жетип келди* (Касымбеков).

**ДИКИЛДЕК** Чыйрак, эптүү, шамдагай.

**ДИКИЛДЕТ дикилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДИКИЛДӨӨ дикилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИКТАНТ** Ката кетирбөөгө үйрөтүү максатында окулуп берилген текстти эрежелерге ылайык туура жазуу жумушу, жат жазуу. *Диктант жаздыруу. Кыргыз тилинен диктант жазуу.*

**ДИКТАТ** 1. Эл аралык укукта, эркине карабастан бир өлкөгө экинчи бир өлкө тарабынан таңуулап түзүлгөн адилетсиз келишим, договор, милдеттенме. 2. Күчтүү империалисттик өлкөнүн күчсүз, начар өлкөгө өзүнүн талабын, шарттык күч менен таңуулоо саясаты.

**ДИКТАТОР** 1. Мамлекетти башкарууда чексиз бийликке ээ болгон адам. 2. Байыркы Римде мамлекетте ичтен же тыштан коркунуч түзүлгөн зарыл учурда толук бийликке ээ болгон сенат тарабынан дайындалган башкаруучу.

**ДИКТАТУРА** 1. Үстөмдүк кылуучу таптын күчүнө таянган, эч бир чектелбеген мамлекеттик бийлик. 2. Байыркы Римде, диктатордун полномочиеси, бийлиги же бийлик жүргүзгөн мезгили.

**ДИКТОР** Радиодон берилүүчү текстти микрофон алдында окуп туруучу адам. *Диктор кайрадан «Кабардын» жаңы билдирүүсүн кабарлайт* («Ленинчил жаш»). *Диктор Кыргыз Республикасынын Президентинин Указын окуй баштады.*

**ДИКТОФОН** Керек болгондо кайта сүйлөтүү максатында сүйлөнгөн сөздөрдү жазып алуучу аппарат.

**ДИКЦИЯ** Ырды, сөздү, муундарды айтуудагы тактык, сүйлөө манерасы. *Артисттин кыймыл-аракети эркин, мимикалары өтө бай жана дикциясы абдан так экендигин сезүүгө болот* («Ала-Тоо»).

**ДИЛ** Көңүл, ниет. *Өлөң тилдүү, дили бирге кандашым, Шайыр шаңдуу кайда жүрсө жандашым* (Токомбаев). *Ойлосок бирге дилибиз, Бирдей жарык күнүбүз* (Үмөталиев). *Болсо да бөлөк тилиңер, Башынан бирге дилиңер* (Маликов). *Дил ооруткан дос эмес. Дили таза адам. А дилим таң атканда, Дем алган өсүмдүктөй* (Мукашева).

**ДИЛ ААЛАМЫ** Жан дүйнөсү, ой-санаасы. *Кашка-Суу жайлоосундагы бир жыйында Токтогул атын угуп, дил ааламын ээлеген Алымканга жолугат* (Станалиев).

**ДИЛАЗАП** Жандүйнөнүн, ой-санаанын азабы. *Жаштыктын иши боздоп-сыздап ыр болуп, муңуна муунган дүйнө болуп, кулактан кирип бойду алып, дилжаңырыгы, дилазабы сымал угулуп жатты* (Станалиев).

**ДИЛАРА** 1. Жүрөктү кубанткан, көңүлдү тарткан. 2. Энчилүү ат.

**ДИЛАФРУЗ** 1. Жүрөктү кубанткан, жүрөктү элжиреткен. 2. *диал.* Алмуруттун бир сорту. 3. Энчилүү ат.

**ДИЛБАР** 1. Жүрөктү ойноткон, көңүлдү элжиреткен. 2. Ашык, сүйгөн. *Дилбарым жалгыз келсин де, Ай тууганда келсин де* («Эл адабияты»). 3. Жагымдуу, ак көңүл, сүйүктүү. *Дилбарым, кайра өзүңдөн кат күтөмүн* (Үмөталиев). *Жыпардын абасынын аялы бар, Тил билгич, аты Гүлнар, өзү дилбар* (Үмөталиев).

**ДИЛБАЯН** *пед.* Автор өз оюн чыгармачылык менен жазуу формасында ишке ашыруу ишмердиги.

**ДИЛГИР** Ынтызар, кандайдыр бир ишке абдан талапкер, иштөөгө, аткарууга абдан көңүлдүү. *Комузга дилгир адамдар күү угуу үчүн ага нечен келишип жакшы конок болушат* (Каимов). *Сергей атасынын жумшаган иштерине дилгир, орунсуз сөз сүйлөбөгөн токтоо эле* (Каралаев).

**ДИЛГИРДИК дилгирлик** менен бирдей.

**ДИЛГИРЕМ** *туурасы:* **телеграмма.**

**ДИЛГИРЛЕН** Бир нерсени билүүгө, аткарууга ж.б. кызыгуу, үйрөнүүгө ынтызар болуу, берилүү, кызыксынып көңүлдөнүү. *Бурул Турардын жеке турмушун билүүгө дилгирленген* (Каимов).

**ДИЛГИРЛЕНҮҮ дилгирлен** этишинин кыймыл атоочу. *Дилгирленүү жаш жигиттин искусство чебери жөнүндөгү эңсеген оюн биротоло бекемдеди.*

**ДИЛГИРЛИК** Ынтызарлык, аткарууга

даяр тургандык, кызыккандык, дилгир болгондук *Эмки милдет кош көңүл болбой дилгирлик менен эмгектенүүдө калды. Жаш ырчы Токтогулду ээрчип жүрүп, таалим алууга дилгирлигин билгизет* («Ала-Тоо»).

**ДИЛДЕ** 1. *тар.* Алтын акча, тыйын. *Жигит дилделерди кармалап келе жаткан эле* (Токомбаев). *Кул болсом да баалашсам, Жети дилде пул болдум* («Кедейкан»). 2. Алтын. *Сексен төөгө дилде артып, Темирканга баралык* («Манас»). *Жүк бурчу бакан ачалуу, Купасын чагжан дилдеден* («Саринжи-Бөкөй»). *Дилдеден оймок билегим* (Барпы). *Алтын, жакут дилде артып* («Манас» С. К.). *Кызыл алтын дилдеден* («Манас» С.О.). *Көрбөйсүңбү, Саринжи, Сакадай болгон дилдени* («Эл адабияты»).

**ДИЛДЕШ** Ой-тилеги бирдей, тилектеш, жүрөктөш. *Дилдеш дос.*

**ДИЛДИРЕ** Желбирөө, желп-желп этип, тез желпилдеп дирилдөө. *Сур шинелдин чабуулары дилдиреп, Гранаттын шилтенгенин билдирет* (Токомбаев). *Жапан терек жалбырагы дилдиреп, Жерге түшүп өлгөндүгүн билдирет* (Токомбаев).

**ДИЛДИРЕК** 1. Дилдиреген кыймылда болгон нерсе. 2. Шамалга тоскондо дирилдеп айланып тура турган желекчеси бар балдар оюнчугу. *Бейжай бала кулакка дилдирегин тосо койгонсуп шамал уңшуйт* (Жантөшев).

**ДИЛДИРЕТ** **дилдире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДИЛДИРӨӨ** **дилдире** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИЛЕММА** 1. Бири-бирин жокко чыгара турган эки багыттагы ой жүгүртүү же ой корутундусу. Мында үчүнчү жолдун болушу мүмкүн эмес. 2. Жакпаган эки нерсенин бирөөнү тандап алуунун зарылдыгы.

**ДИЛЕТАНТ** Илимдин же искусствонун кандайдыр бир бөлүгүн үстүрт гана билүүчү адам.

**ДИЛЕТАНТТЫК** Илимдин же искусствонун жолунан чөп башылап билүүчүлүк.

**ДИЛИ АГАРУУ** Көңүлүнө кир албоо, ыраазы болуу, кек сактабоо. *Кулкишинин дили улам агарып баратты* (Касымбеков). *Дили агарып, аларга ыраазылыгын билдирип кетти* («Ленинчил жаш»).

**ДИЛИ БУРУУ** Түшүнүгү, тарбиясы, салты, дини, бөлөк, чоочун, башка. *«Тили буруу, дили буруу бөтөн менен деле биргелешип отурабыз го, ага калганда бу байкуш өзүбүздүн колдо туума кожобуз эмеспи?...» дешти* (Касымбеков).

**ДИЛИ КАРАЮУ** Көңүлү бузулуу, оюна кек алуу, жамандыкка барууну ойлоо, кара ниеттик кылуу. *«Э, балким, чын болсо, эл билген чыгар, эмне сөзгө калдык экен а?...» деп, ирени да карайып, дили да карайып, отуруп калды* (Касымбеков). *Муну иштеген төрө эмес, кудайдын тун баласы болсо да... катаал өч алыштан аябай дили карайып отурган* (Касымбеков). *«Ыя,неге эске алышпайт?! Англиси деле! Түркү деле!» деп, кыжыры кайнап, дили карайды* (Касымбеков). **В.: Дили карaруу.** *Ал оңой менен муюшар эмес, дили карарып алыптыр* (Осмоналиев). **Дини карaруу.** *Дини карарып алыптыр.* **Дини караюу.** *Анын дини карайып, түгү сыртына айланып калыптыр* (Жоошбаев). *Кир, жаман ой, кек өзүңдү бузат, диниңди карайтат* (Касымбеков).

**ДИЛИ КАТУУ** Катаал, каардуу, мээримсиз, ырайымсыз. – *Эмне кылалы, дили катуу жарым паша муну көрүп туруп, атайылап эле ымалага келбеди* (Касымбеков). *...Эр көкүрөк Акбалбан ушул азыр Камчыбектин туталана кейигенин туназарына алган жок, кайта жеткилең билбей сүйлөй берген боз бала сыяктуу аны кага токтотуп, дили каткан абалында болучу* (Касымбеков).

**ДИЛКЫЙНОО** 1. Санаага батуу. 2. Ой азабын тартуу. 3. Көңүлү тынч болбоо. 4. Санаа оорусу. 5. Көкүрөк көйү. *Дилкыйноого салган бул абал акыры акыйкаттын жеңиши менен аяктайт деп ойлогон* (Айтматов).

**ДИЛОГИЯ** Экилтик. Бир автордун (жазуучу, драматург, кинорежиссёр, композитор) сюжетинин улантуучулугу, каармандарынын жалпылыгы, автордук ойдун биримдиги менен байланышкан эки чыгармасы (*мис.* Касымбековдун «Сынган кылыч» жана «Келкел» романдары).

**ДИМЕДРОЛ** *фарм.* Дене оорусун баса турган, тынчтандыра турган ак түстүү дары.

**ДИН** Кудайдын бар экендигин, дүйнө кудай тарабынан жаралгандыгын жана жөнгө салынып турарын тастыктап, ушул ишенимдин айланасында белгилүү бир системадагы ырым-жырым, эреже, жоболору иштелип чыккан ишеним. *Кожо, молдо, эшенге, Орозо намаз, дин кызык* (Токтогул). *Ислам дини, христиан дини.*

**ДИНАЗАР** Динден чыккан, капыр болуп кеткен деген мааниде. *Ал диназар болуп кеткен!... Динибиз үчүн кызмат кылып койсоң, соксойгон жанына соол болот* (Абдыраманов).

**ДИНАМИЗМ** Кыймылдагы өзгөрүш, кубулуш, өнүгүү.

**ДИНАМИК** Электродинамикалык катуу сүйлөгүч.

**ДИНАМИКА** 1. Телодогу кыймылдын закондорун текшере турган механиканын бир бөлүмү. 2. Кыймылда болуу абалы, өнүгүүнүн жүрүшү, бир нерсенин өзгөрүү абалы.

**ДИНАМИТ** Негизги составдын бөлүгү нитроглицерин болгон жарылгыч зат (согуштук жана тоо инженердик иштерде колдонулат). *Динамиттер менменсинген асканы, Ыргыт-*

*канда көктөн дабыш жаңырды* (Токомбаев).

**ДИНАМО** **динамо-машина** менен бирдей. *Мунун ичинде динамо менен электр станциясы келатат* (Сыдыкбеков).

**ДИНАМО-МАШИНА** Туруктуу электр тогун иштеп чыгаруучу машинанын эски аты, электр генератору.

**ДИНАМОМЕТР** Күчтүн кубатын өлчөөчү аспап, күч өлчөгүч.

**ДИНАР** 1. Ирактын жана Югославиянын акча бирдиги. 2. Иранда майда тыйын, монета.

**ДИНАСТИЯ** 1.Башкаруучулук атасынан баласына өтүп, өкүм сүрүп бийлеп келген монархтардын катары, укум-тукуму. *Россиядагы Романовдордун династиясы.* 2. *өт.* Атадан балага өтүп уланган кесип.

**ДИНГИРИК** Союл, чокмор. Кыргыз тилинде жалгыз гана «диңгирик ойнотуу» деген сөз айкалышында сакталып калган. Бул сүйлөм а дегенде «төбөсүнө дингирик ойнотуу» болуп айтылган.

**ДИНДЕШТИК** Бир динди тутунуу.

**ДИНДИК** **дин** дегенге таандык *Диндик ишенүүлөр.*

**ДИНДҮҮ** Кандайдыр бир динди бек кармоочу.

**ДИНИ КАРА** Ниети бузук, арам ойлуу, кара ниет. *Мындай дини кара менен жолдош болбо деп нечен айткам.*

**ДИНИ КАРАРУУ** *к.* **дили караюу.**

**ДИНИ КАРАЮУ** *к.* **дили караюу.**

**ДИНИЙ** **дин** дегенге таандык. *Диний ырым-жырымдар.*

**ДИНИЙ ЧЫГАРМАЛАР** *адаб.* Диндин идеологиясына, Кудайга, пайгамбарларга, окуяларга сыйынып же ошолорго арналып, алардын турмушун жазган же динге үгүттөгөн чыгармалар.

**ДИНИКАЙЫР** Дини башка, мусулман эмес, башка диндеги. 2. Кудайдан коркпогон, убалдан коркпогон, мээримсиз. *Мынчалык диникайыр болбосоң не, малдын деле убал-сообу бар да* (Өмүрбаев).

**ДИНОЗАВР** *палеон.* Архозаврдар түрүнө кире турган, жоюлуп кеткен, бар болуп жоголгон жаныбарлар тобунун жалпы аталышы.

**ДИНСИЗ** Динге карама-каршы турган, динди жактабаган, ага ишенбеген, атеист.

**ДИНСИЗДИК** Динге каршы туруучулук, динге ишенбөөчүлүк. *Мусабектин динсиздик жайы бар* (Сасыкбаев).

**ДИНИСТАМ** *туурасы:* **динислам, ислам дини.** *Бээжинге казат кылам деп, Динистам жолун ачам деп* («Манас»). *– Аталык! Дин исламдын зулпукары Насрулла-батыр ханга бул тамсил өтө пастык кылат! – деп жиберди* (Касымбеков).

**ДИНЧИЛ** Динге бек, динге ишенген, диний ырым-жырымдарды бек кармаган. *Эски динчил адетти, Таштап өскөн кез ушул* (Нуркамал). *Бир жагынан динчил залим, Сүлүк болуп сорушкан* (Токомбаев). *Эски динчил, эми жексен болдуң го* (Бөкөнбаев).

**ДИНЧИЛДИК** Динге берилгендик, динге ишенгендик. *Динчилдикке каршы күрөшүү, Динчилдиктин саркындылары.*

**ДИҢ** Дыгдыйган толук, шыкап толтурулгандай, чың. *Бозого диң тойгон бекерчилерге кантсе да тамаша, кантсе да күлкү керек да* (Касымбеков).

**ДИҢГЕГ** Мамы. *Түбүндө бир адам бар диңгегиңдин, Ойлоном күчү жетпейт кимде кимдин* («Эл адабияты»). *Издеп келген балбандын оруну деп, Алтын дингек орнотту майдан жерге* («Эл адабияты»).

**ДИҢГИРИК ОЙНОТУУ** Айткан жагына бастыруу, өз билгениндей башкаруу, дегенин иштетүү, кыңк эттирбей бийлөө деген маанилерде колдонулат.

**ДИНКЕ** Ал, күч, кубат. *Диңкем куруду. Диңкеси кетти.*

**ДИҢКЕСИ СООЛУУ** Абдан чарчоо, жүрбөй калуу, чарчап-чаалыгып ырп этерге алы келбей калуу, шайы кетүү. **В.: Диңкеси куруу.** *Кечке жанын жанга урган бечаранын диңкеси куруп, бут тартууга да шаймany келбей калат* («Ала-Тоо»).

**ДИҢКИЙ** Чоң, жоон болуп көрүнүү, деңкейүү, дыгдыюу, шыкап толтурулгандай чың көрүнүштө болуу.

**ДИҢКИЙТ** **диңкий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДИҢКИЙҮҮ** **диңкий** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИҢСЕ** *эск.* Кытай төрөлөрүнүн баш кийимдерине төрөлүк белги катарында тагылган кымбат баалуу таш (эпостук чыгармаларда). *Башында каухар диңсе таш, Жаркыны көккө тартылган* («Манас»).

**ДИОД** Бир тарапка гана ток өткөрүүчү эки электроддуу прибор.

**ДИПЛОМ** 1. Жогорку же атайын орто билими бар экендигин жана кандайдыр бир илим боюнча окумуштуулук даража же наам алгандыгын ырастоочу, күбөлөөчү документ. *Касымбай бүттү окуусун, Дипломду беш менен* (Токомбаев), *Көргүм келет, көргүм келет бат эле, Мына диплом, жакшы бүттүм дегенди* (Нуркамал). 2. Кандайдыр бир укукка же сыйлыкка татыктуу болгондукту, жетишкендикти күбөлөндүрүүчү документ. *Руслан биринчи даражадагы диплом менен сыйланды.*

**ДИПЛОМАНТ** 1. Диплом ээси, диплом алуучу.

**ДИПЛОМАТ** 1. Чет мамлекет менен сүйлөшүп, байланыш жасап туруу үчүн өкмөт тарабынан жиберилген өкүл. 2. *сүйл.* Бирөөлөр менен мамиле кылууга эптүү, сөз кыйышын таба билген айлакер киши. *Касым дасыккан дипломат* (Бейшеналиев).

**ДИПЛОМАТИЯ** 1. Мамлекеттин тышкы эл аралык саясатын жүзөгө ашыруу боюнча өкмөт тарабынан жүргүзүлгөн иштер. 2. *сүйл.* Бир максатка жетүү үчүн кылдаттык, айлакерлик менен жүргүзүлгөн иш, мамиле. *Эч кандай дипломатиясыз эле пикирлеше басалы* (Бейшеналиев).

**ДИПЛОМАТИЯЛЫК дипломатия** дегенге таандык. *Дипломатиялык иштер. Дипломатиялык саясат.*

**ДИПЛОМДУК** Диплом алуу боюнча иштелген иштерге, дипломго таандык. *Дипломдук иш. Дипломдук жумушту бүтүрүү.*

**ДИПЛОМДУУ** Диплом алган, диплому бар *Дипломдуу инженер. Дипломдуу адис.*

**ДИПЛОМНИК** Дипломдук ишти бүтүрүп жаткан студент.

**ДИР: дир-дир** Кыска жана тез-тез дирилдеген сыяктуу дабышты, кыймылды, суюктуктун диркиреп атырылып чыгышын билдирүүдө колдонулат. *Көпөлөк улам жогорулап көтөрүлүп, канаттарын дир-дир сокту* (Сыдыкбеков). *Шуудурап жалбырагы дир-дир этип, Унчукпайт кучак жеткис мырза терек* (Шүкүрбеков).

**ДИРДИЙ** Толуу, толуп чыңалуу, тирсийип чыгып туруу. *Бурчтары дирдийген опокшош алты жаздык жүктүн үстүндө катар тизилген* (Сыдыкбеков).

**ДИРЕКТИВА** Милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон жогорку органдын жетекчилик көрсөтмөсү. *X съезд партиянын биримдигин көздүн карегиндей сактоо керек деген директива берди* («Коммунист»).

**ДИРЕКТОР** Окуу жайдын, мекеменин же ишкананын жетекчиси, башкаруучусу. *Заводдун директору. Мектептин директору.*

**ДИРЕКТОРАТ** Кандайдыр бир ири мекеменин директорлорунун башкы директор башкарган коллегиясы.

**ДИРЕКТОРЛУК директор** дегенге таандык. *Директорлук кызмат.*

**ДИРЕКЦИЯ** Кандайдыр бир ишкананын, мекеменин же окуу жайдын башында директор турган жетекчилик органы. *Институттун дирекциясы. Театрдын дирекциясы.*

**ДИРИЖАБЛЬ** Аба винти бар кыймылдаткыч менен жабдылып, ичине газ толтурулган абадан жеңил, абада учуучу аппарат, башкарылуучу аэростат.

**ДИРИЖЁР** Оркестрдин, хордун, опералык же балеттик чыгарманын аткаруучуларын чыгармага карата өз түшүндүрмөсүнө ылайык бир ыргакка салып башкаруучу киши. *Аңгыча болбой дирижёр келип, элге ийилди да, анан оркестрге бурулуп таякчасын көтөрдү* (Шимеев).

**ДИРИЖЕРЛУК** Дирижёрго таандык иштер, дирижёрдун кызмат абалы. *Дирижёрлук кылуу. Дирижёрлукка дайындалуу.*

**ДИРИЛДЕ** 1. Калтыраган, желбиреп катуу титиреген сыяктуу абалда болуу, дир-дир этүү. *Өсүмдүктөрдүн бутактары желге дирилдеп шуудурайт* (Сасыкбаев);. *Бакдарактардын жалбырактары дирилдеп, теребел тынымсыз шыбырайт* (Сыдыкбеков). Зырылдоо, катуу айлануу, зымыраган катуу жүрүштө, ылдамдыкта болуу. *Шофер да жөнтөк, Машина да элпек, Тасмадай жолдо дирилдеди* (Токомбаев). ‖ Бөлүнө-бөлүнө майда калтырагандай чыгуу. *Жылаажындай назик үнүң дирилдеп. Кээде кеттиң тереңтерең ойлонуп* (Токомбаев). 2. Кысылып чыгып атырыла агуу, диркирөө, диркиреп чыгуу. *Бээнин эмчегинен Сүт дирилдеп такымына жаба берип турган эле* (Байтемиров). *Чалча чарчап, ал кетти, Бүткөн бойдун баарынан, Дирилдеп кан кетти* («Манас»). 3. Зыркырап заарκануу, качуу. *Чаргым кеп айттырган кыз жаа бою дирилдейт* (Сыдыкбеков).

**ДИРИЛДЕК дилдирек** менен бирдей.

**ДИРИЛДЕТ дирилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Аңкыган таза сыдырым жалбырактарды дирилдетет* (Сыдыкбеков).

**ДИРИЛДӨӨ дирилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИРКИРЕ** 1. Калтырагандай, титирегендей абалда болуу. *Канатынын күүсүнөн тал, карагай диркиреп.* 2. Кысыла чыгып атырыла агуу, дирилдөө, дир-дир этип агуу. *Бүткөн бою дүркүрөйт, Эмчектин сүтү диркирейт* («Манас»). *Азизбектин мурдунан диркиреп кан кетти* (Абдукаримов).

**ДИРКИРЕТ диркире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДИРКИРӨӨ диркире** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИРТ** Кескин тартылып, булкуп алгандай титиреген кыймылда болуу. *Нак жүлүнгө сайып алгандай болуп денеси дирт дей түштү* (Сасыкбаев). *Чал дирт-дирт этип буту-колун тыбыратып, жерди тырмалай жан талашып, көпкө дейре бук түшүп жатты* («Ала-Тоо»).

**ДИРТИЛДЕ** Дене, булчуң эттер булкуп, кескин тартылгандай солк этүү, нерв органдарынын таасири менен титиреңдегендей абалда болуу, дирт-дирт этүү. *Суу үстүндө бир ала каз диртилдейт* («Жаш ленинчи»). *Тергөөчү кежең болгон койдой бир топко диртилдеп, ар кайсыны бир карап отурду* (Жантөшев).

**ДИРТИЛДЕК** Титиреп тарткылануу.

**ДИРТИЛДЕТ диртилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДИРТИЛДӨӨ диртилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ДИС ...** Чет тилден кирген сөздөрдөгү ажыроо, бөлүнүү, тануу, жоголуу сыяктуу терс маанини берүүчү биринчи бөлүгү (мис. дисгармония, диспропорция).

**ДИСБАЛАНС** 1. Машиненин тегеренүүчү тетиктеринин өз огуна карата тең салмаксыздыгы. 2. Кайсы бир процесстин же иштин пропорцияларынын же өз ара туура карымкатышынын бузулушу.

**ДИСГАРМОНИЯ**. 1. Үндөштүк өзгөчөлүктөн ажыроо, үндөшпөй калуу. Мис. чулгоо эмес, чылгоо, курчоо эмес кырчоо ж. б. 2. Ырксыздык, келише албастык. 3. *муз.* Үндүн бузулушу, үндүн кулакка жагымсыз болуп угулуусу.

**ДИСК** 1. Тегерек жалпак пластинка. 2. Жеңил атлетикадагы тегерек жалпак жыгачтын алкагын металл менен каптап ыргытууга ылайык кылып жасалган гимнастикалык снаряд. *Ашым дискти алыс ыргыттуу боюнча мыкты чебер.* 3. Кол пулемёттун, автоматтын патролдору жайгашкан тегерек кутучасы. *Бир дискасын автоматтын бошотту бүт, Тешиктен чаң ызгытты жар көчкөндөй* (Үмөталиев).

**ДИСК-ДЖОКЕЙ** Музыкалык программаны алып баруучу жана жарыялоочу киши.

**ДИСКЕТА** Магнит дискалуу кассета-конверт. Компьютердик маалыматтарды жана программаларды сактоо үчүн колдонулат.

**ДИСКОБОЛ** Спорт оюнунда дисканы ыргытуучу киши.

**ДИСКОМФОРТ** Ыңгайсыздык, жайсыздык.

**ДИСКОНТ** 1. Векселдердин (к.) эсеби. 2. Банк тарабынан векселдерди эсепке алуу учурунда чегерип алынуучу пайыз. 3. Товардын баасынан же валютанын курсунан чегерилүүчү пайда. 4. Баалуу кагаздын номиналы менен биржалык курсунун ортосундагы айырма.

**ДИСКОНТТОО** *экон.* Векселди дисконттоо мөөнөтү өткөнгө чейин банктын векселди анын ээлеринен сатып алышы.

**ДИСКОНТТУК КАРТА** Борбордук эмиссиялык банк кыска мөөнөттүү милдеттенмелер боюнча эсепке алуу (дисконт) пайызын жөнгө салуучу иш-чаралардын жыйындысы.

**ДИСКОТЕКА** Маданий-маалымат программасы менен жана бий менен, жогорку сапаттуу музыкалары бар клуб, көңүл ачуу, бийлөө үчүн ылайыкталган жай.

**ДИСКРЕДИТАЦИЯ** *экон.* Экономикалык субъектти ишениминен ажыратууга, беделин кетирүүгө багытталган атайын багыт.

**ДИСКРИМИНАЦИЯ** Укугун чектөө, тең укуктуулугунан ажыратуу.

**ДИСКРИМИНАЦИЯЛЫК** дискриминация дегенге таандык. *Дискриминациялык саясат.*

**ДИСКУРСИВДҮҮ** Акылдык ой жүгүртүү (сезим-туюмдук таасирлер эске алынбаган), ыраатуу өнүккөн логикалык бөлүкчөлөрдөн туруп, аларды ар бири мурункусунан көз каранды болуп, ошол эле убакта кийинкисин шарттап туруучу логикалык ой жүгүртүү.

**ДИСКУССИЯ** Кандайдыр бир талаш маселени көпчүлүктүн катышуусу менен эркин түрдө талкуулоо.

**ДИСЛОКАЦИЯ** Аскер бөлүктөрүнүн кургактыктагы жайгашуусу. Авиациянын аэродромдо, аскер-дениз флот кораблдеринин порттордо жана аскер-деңиз базаларында орун алган жери.

**ДИСПАНСЕР** 1. Атайын дарылоочу жана дайыма врачтын байкоосу астында оорулардын алдын алуу иштерин жүргүзүүчү медициналык мекеме. *Туберкулез диспансери.* 2. Поликлиника жана ооруканасы бар, оорулууну алгачкы мезгилде дарылап, ага чараларды жүргүзүүчү медициналык мекеме.

**ДИСПЕТЧЕР** Транспорттун же иштин жүрүшүн ишкананын борбордук пунктунан жөнгө салып, иреттеп башкарып туруучу киши, кызматчы. *Андай болсо диспетчерге кайрылгыныӊ – деди кыз* (Сасыкбаев).

**ДИСПЕТЧЕРДИК** **диспетчер** дегенге таандык. *Диспетчердик пункт.*

**ДИСПЛЕЙ** Монитор-жеке компьютердин текст жана чийме маалыматты экранда көрсөтүүчү негизги түзүлүшү.

**ДИСПРОПОРЦИЯ** Тең салмактуулуктун бузулушу, ар кандай нерсенин байланыштуу бөлүкчөлөрүнүн бири-бирине дал келбегендиги, ылайыксыздыгы.

**ДИСПУТ** Илимий, адабий ж.б. темада көпчүлүк алдында жүргүзүлүүчү пикир алышуу талашы.

**ДИССЕРТАНТ** Илимий даража коргоо үчүн диссертация даярдап жаткан адам.

**ДИССЕРТАЦИЯ** Эл алдында коргоп илимий даража алуу үчүн жазылган илимий иш. *Диссертация жазуу. Диссертация жактоо.*

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК** **диссертация** дегенге таандык. *Диссертациялык иш. Диссертациялык тема.*

**ДИССИДЕНТ** 1. *тар.* Үстөмдүктөн, чиркөөгө үгүттөгөндүктөн, динди кабыл алуудан баш тарткан адам. 2. *саяс.* Мамлекеттик идеология менен келишпей, расмий бийликке каршы чыккан адам.

**ДИССИМИЛЯЦИЯ** 1. Окшоштукту бузуп өзгөртүп жиберүү, окшоштук болбой өзгөрүп кетүү. 2. *биол.* Организмдин жашоо, өнүгүү процессинде органикалык татаал заттардын бузулушу. 3. *линг.* Бир типтеги тыбыштардын катар айтылышта окшошпой калуусу, өз ара окшоштуктарынын өзгөрүп кетиши.

**ДИССОНАНС** *муз.* 1. Музыкалык добуштардын үндөшпөөсү, бузулушу. 2. *адаб.* Ырдын уйкаштарында кездеше турган кубулуш, толук эмес уйкаштын бир түрү.

**ДИСТАНТТЫК БИЛИМ** *пед.* Билим берүү

кызматындагы жаңы комплекстик система, аралыктан билим берүү.

**ДИСТАНЦИЯ** Эки чектин ортосундагы аралык. *Старт менен фиништин ортосундагы аралык.*

**ДИСТИЛЛЯТОР** Дистилляция кылуучу аппарат.

**ДИСТИЛЛЯЦИЯ** Тазалоо максатында суюктукту кайнатып буулантып, аны кайта суюктукка айландыруу.

**ДИСТРИБУЦИЯ** *лингв.* Тилдин бирдигинин бөлүнүшү, алардын фонемалар, морфемалар, лексемалар жыйынтыгы.

**ДИСТРОФИЯ** Ткандардын,оргaндардын же бүтүндөй организмдин азыктануусундагы бузулуулар.

**ДИСЦИПЛИНА I** Коллективдин бардык мүчөлөрү милдеттүү түрдө баш ийүүсү катуу белгиленген тартип.

**ДИСЦИПЛИНА II** Кандайдыр бир илимдин тармагы, окуу предмети.

**ДИТ** Ыклас, көңүл. *Гүлстанда көп улут, Тили башка, дити бир, Жапа тырмак бет алып, Кылып турган иши бир* (Турусбеков). *Алтынай Батийнанын кебин дит коюп укту* (Сыдыкбеков). *Абылдын да бардык дити Батийнада* (Сыдыкбеков).

**ДИТ БАГУУ** Жалтанбай, тайманбай кароо, сүрдөбөй тике кароо. *Итике бул сапар Карачалга дит багып, тике карай албады* (Жоошбаев). *Атагын угуп титиреп, Караша албай дит багып, Канчалар качкан бытырап* («Манас»). *Ал барыдан Айымкандын атасынан уялып дит бага албай отурган* (Өгөбаев). *Көкө Шекерди дит багып карай албай, көздөн далда кеткиче шашты* (Касымбеков).

**ДИТИ БАРБОО** Батына албоо, даай албоо. *Барууга өз үйүнө дити барбай, үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай* (Осмонов). *Айтууга дити барбай турду эле, ырас болбодубу* (Медетов). *Чачылып жаткан отунду жыйноого да дити барбады* (Кушбаков). – *Ал дити барбай сүрдөп бир узун ооз тийди* (Касымбеков). **В.: Дити батпоо.** *Бирок, чакырган үйгө барбоого дитим батпады* (Бейшеналиев). **Дити даабоо.** *Таттуу уйкудагыларды ойготууга Түгөлдүн дити даабады* (Бейшеналиев). *Кыябын таап алжайды сурашууга дити даабайт* («Ала-Тоо»).

**ДИТИН КОЮУ** Бир нерсеге абдан берилүү, чындап көңүлүн салуу. *Дитиңди койсоң кайсыл ишти болбосун жөндөп кетесиң... Батийнанын кебине эми дитин коюп уккан Рабийга... ичинен өкүнду да, бирок сыр бербей санын чапты* (Сыдыкбеков). **В.: Дитин берүү.** *А Маркониге болсо өзгөчө дитин берип койгон* (Акматов).

**ДИТТЕ** Дит коюу, каалоо, көңүлдөнүү. *Камалбек диттеген жагына карай жол тартты* (Жантөшев). *Насип менен бирге окуймун деп диттеп келди эле, иш жүзүндө андай болгон жок* (Таштемиров).

**ДИФИРАМБ** 1. *адаб.* Байыркы лириканын бир түрү. Дионис (Вакха) кудайдын урматына арналган гимндер, азыркы поэзиядагы көтөрүңкү, салтанаттуу маанайдагы мактоо ыр. 2. *өт.* Мактоо сөз.

**ДИФТЕРИТ** *сүйл.* **дифтерия** менен бирдей.

**ДИФТЕРИЯ** Кептөөр, тамактан кармоочу, көбүнчө балдар ооруй турган жугуштуу оору. *Дифтерияга каршы эмдөө.*

**ДИФТОНГ** *лингв.* Айкаша келип бир муун түзгөн эки үндүү тыбыш, эки башка үндүү тыбыштын бир муунда айкалыша келип колдонулушу.

**ДИФФЕРЕНЦИАЛ** 1. *мат.* Бири-бирине багынбаган алмашма чоңдуктарды каалагандай кошуу. 2. *тех.* Автомобилдин, трактордун, танканын ж.б. ылдамдыгын жана дөңгөлөктүн оңго, солго болгон багытын билдирип туруучу механизм.

**ДИФФЕРЕНЦИАЛДУУ** 1. Ар кандай шарттарга жараша ар түрдүү, ар башка айырмалуу. 2. *мат.* дифференциал дегенге таандык. *Дифференциалдуу геометрия. Дифференциалдуу эсептөө.*

**ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК** **дифференциалдуу** менен бирдей.

**ДИФФУЗИЯ** 1. *физ.* Бир заттын экинчи затка өтүүсү, тогошуусу, сиңүүсү. 2. *өт.* Бири-бирине байланыштуу ар түрдүү маданияттардын бири-бирине өз ара өтүшү.

**ДИЭЛЕКТРДИК** Электр тогун өткөрбөй турган зат, изолятор.

**ДОБОГЕР** Доосун, акысын ж.б. талап кылуучу, доочу. *Добогердин арызы. Добогер келсе доо бербей, Эки шайлоо бир келсе, Жатар элең кан атам* («Эл адабияты»).

**ДОБООН** *Кишиликке добоону жок.*

**ДОБУЛ I** 1. Жамгыр аралаш катуу түшкөн чоң-чоң мөндүр. *Добул согуп кыйраткан эгин талаасы. Добул келип жанарса, Токтото албай тамырын* («Эл адабияты»). 2. Катуу жамгырлуу шамал, бороон. *Капкараңгы көп жер түн, катуу добул чартылдап* (Токомбаев). *Добул келсе, жел тийбес, Булуңча токой чеп элең* («Сейтек»). *Кез келсе: жолборс сүрү, кирпик какпайм, Бетке урган добулдарга тумчукпаймын* (Сабыров).

**ДОБУЛ II** *диал.* **доолбас** менен бирдей. *Барабан согуп күңгүрөп, Кагып добул дүңгүрөп* («Манас»). *Хан келчү күз болгондо кээ жылдары, Куш салып добул кага, ит агытып* (Абдыраманов).

**ДОБУЛБАС** **к. доолбас** менен бирдей. *Добулбасты урду эми, Кан Кыяздын калың кол, Баарын күүлөп турду эми* («Сейтек»).

**ДОБУЛДУУ** 1. Добул, мөндүр аралаш. *Добулдуу нөшөргө дуушар келдик* (Токомбаев). 2. Жамгыр аралашкан катуу шамалдуу. *Добулдуу бороон жүрдү.*

**ДОБУШ** 1. Сүйлөгөндө, ырдаганда, кый-

кырганда, сайраганда ж.б. үн түйүнүнүн термелишинен пайда болуп кулакка угулган үн. *Жаак тилди ирмесем, Кошо чыгат добушум* (Токтогул). *Тоого чыгып акырды, Добуш салып бакырды* («Манас). *Күкүк-күкүк-күкүк деп, Күкүк салды добушун* («Эр Табылды»). *Кыбыр эткен жан да көрүнбөдү, добуш да угулбады* (Сасыкбаев). 2. Ар кандай музыкалык аспаптар ойнолгондо чыккан бир нерселердин кагылышуусунан, урунуудан же басканда, дүбүрттөгөндө, шуулдаганда ж.б. пайда болгон үн, дабыш, табыш. *Добушу пианинонун тыңшаганда, Бир кезде шаң күлкүлүү, бирде ойлуу* (Маликов). *Сенин шаркыраган добушуң, Шамалдын салган айласы* (Тоголок Молдо). *Атасы айтар эбин келтирип така-тука добуш чыгаруучу* (Убукеев). 3. Мамлекеттик, коомдук мекемелердин ар кандай маселелерин чечүүдө, шайлоо учурунда адамдардын пикир, ой билдирүү, белгилүү сунушка кошулуу, кошулбоо укугу жана ушундай ой-пикирдин кол көтөрүү, бюллетень салуу ж.б. аркылуу берилген формасы.

**ДОГДО** *сейр.* Күргүчтөп каптоо, көп болуп жабыла жайнап кирүү, чогулуу, жабалактап топтолуу. *Догдоп кирип баруу. Догдогон көпчүлүк.*

**ДОГДОЙ** Күржүйгөн, локуйган көрүнүштө болуу. *Догдоюп көрүнүшү сүрдүү.*

**ДОГДОЙТ** **догдой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОГДУР** *сүйл.* Доктор, врач. *Мына, биздин догдурубуз келип калган тура.*

**ДОГМА** Сын көз менен каралбай, далилденбей жана бардык учурда өзгөртүлбөй турган чындык катарында кабыл алынган жобо.

**ДОГМАТИЗМ** Бир нерсеге сын көз менен карабоочулук, догмага таянуучулук.

**ДОГМАТИК** Догматизмге ишенүүчү, ага берилүүчү.

**ДОГОО** Бир аттык арабада колдонулуучу эки учу каамыт менен жан жыгачка байлануучу атайын жасалган жаа сыяктуу иймек жыгач. *Салмактанган буттарын тарпылдатып моюн созо алдыңкы элестерге жүткүндү, араба жыгачтан чыгып, догоодон суурулуп, алдынан кайра бир көрүнгөн илгерки дүйнөсүнө кирип кетүүгө шашты* (Айтматов).

**ДОДО** 1. Көбүнчө майда нерселердин жыйылган, үйүлгөн үймөгү. *Бөлмөнүн бир жагында жүгөрү акшагы додо болуп үйүлүп жатат* («Кыргызстан аялдары»). *Столдун үстүндө күкүм, данек, жумуртканын кабыктары додо.* 2. Көп болуп топтошкон, жыйылган, үймөлөктөшкөн абал. *Адырандаган карагер айгыр минген, үстүндөгү гимнастёркасы дал-далынан айрылган бир казак жигит кыжылдаган додону жарып чыкты да, улакты такымга кысып, айгырдын башын коё берди* (Айтматов).

**ДОДОЛО** Үйүү, чогултуу, үстү-үстүнө жыюу. *Чокту коломтого додолоп, үстүн күл менен көмдү* (Сыдыкбеков). ‖ Жыйылуу, топтошуу, көп болуп топурап чогулуу. *Эшик алдында додологон эл кайсылар экени менен ишим жок, менин бир гана даана, ачык көргөнүм – Алиман* (Айтматов).

**ДОДОЛОН** **додоло** этишинин өздүк мамилеси. *Топурактар додолонуп, өстөндүн таманы тереңдөөдө* (Сыдыкбеков).

**ДОДОЛОО** **додоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЗА** 1. Бир жолу же сутканын ичинде кабыл алуу үчүн белгиленген дарынын белгилүү өлчөмү. 2. Белгилүү өлчөм.

**ДОЗАЛА** Дозага бөлүү, дозасын белгилөө.

**ДОЗАЛОО** **дозала** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЗИМЕТР** *вет.* Иондоштуруучу нурлардын кубатын өлчөөчү курал.

**ДОЗОК** *туурасы:* **тозок.**

**ДОЗОР** Кайтаруу жана чалгындоо үчүн жиберилген кичине отряд. *Алдынан башкы дозор чыкты кайра, Жол чалып, алып кабар алды жактан* (Үмөталиев). *Келе жаткан дозор кичинекей дөңгө чыкты* (Абдукаримов).

**ДОЙБУ** Шахмат, шашки сыяктуу оюндун түрү. *Дойбуну жакшы көргөн шахтёрлор оюнга кириширди* (Сасыкбаев). *Бурчтагы дойбу ойноп күүлдөп отурушкан уландардын эң жашы Шыгай* (Сасыкбаев).

**ДОЙРА** *муз.* Өзбек, тажик, каракалпак, уйгур элдеринин урма музыкалык аспабы. Алкагы жыгачтан жасалып, анын ички бетине темир шакекчелер тагылат. Алкактын бир жагы жаргак менен капталат.

**ДОК I** Кандайдыр бир иштеген ишин, көрсөткөн кызматын ж.б. бирөөгө милдет кылуучулук, доомат коюучулук. *Эски-үскү бергем деп, Кылат кайра доомат, док* (Барпы). *Аскалыга топ болду, Айыгышкан док болду* (Тоголок Молдо). *Жакыныңа док уруп, Ак жериңен арыз болбо* (Токтогул). *Тууганыңмын деп док урунуп, жалгыз козумду сойдурдуң* («Ала-Тоо»).

**ДОК II** Кемелерди ремонттоо ж.б. жумуштарын жүргүзүү үчүн жасалган порттук курулуш.

**ДОК УРУНУУ** Иштеген ишин, аракетин ж.б. бирөөгө милдет кылуу, доомат кылуу, болбогон талаптарды коюу. *Тууганыңмын деп док урунуп, жалгыз козумду сойдурдуң* («Ала-Тоо»). **В.: Догун артуу.** *Акия догун арткан кишиче Элебеске кыналат* («Ала-Тоо»). **Док кылуу.** *Мен сенин тууганың болбосом эмнеге док кыласың* (Каимов).

**ДОКЕР** Капиталисттик өлкөлөрдө портто иштөөчү жүк ташуучу жумушчу.

**ДОКЛАД** 1. Бир маселеге арналып, көп-

чүлүктүн алдында айтыла турган баяндама. *Илимий темаларда докладдар жасоо.* 2. Жетекчиге, башкаруучуга, начальникке оозеки же жазуу жүзүндө баяндалган официалдуу билдирүү. *Барыш-келиш жөнүндө башкармага доклад даярдайын, – деди да Акбар кайта кетти* (Убукеев).

**ДОКЛАДЧИК** **докладчы** менен бирдей. *Докладчиктердин группасы.*

**ДОКЛАДЧЫ** Доклад жасоочу. *Биринчи доклад боюнча докладчы жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр кайсы маселелерди чечүү зарыл экендигине кеңири токтолду.*

**ДОКТОР** 1. Жогорку медициналык билими бар адам, врач. *Ал педагог, мен доктор, Түшүнөбүз баарына* (Токомбаев). *Жүрөгүн тыңшап оорунун, Жылмайып доктор сүйлөдү* (Бөкөнбаев). *сүйл.* Медициналык билими бар, оору-сыркоолорду дарылоочу адам. *Госпиталь бардың бел байлап, Докторлор турду жер жайлап* (Барпы.). 2. Илимий иш боюнча диссертация жактоонун негизинде берилүүчү жогорку илимий даража жана ошондой даражаны алган адам. *Филология илимдеринин доктору. Тарых илимдеринин доктору.*

**ДОКТОРАНТ** Докторлук диссертациясын даярдоо үчүн илимий мекеменин алдында даярдык көрүп жүргөн окумуштуу.

**ДОКТОРАНТУРА** Илимий академиянын, илим-изилдөө институттарынын алдында илимий кызматкерлерди, илимдин докторлорун даярдоо системасы.

**ДОКТОРЛУК** 1. **доктор** дегенге таандык. *Докторлук милдет. Докторлук илимий даража.* 2. *сүйл.* Доктордун абалы, доктордун кызматы. *Докторлугун көрсөтүү. Докторлугу бар.*

**ДОКТРИНА** Илимий же философиялык теория, система.

**ДОКТУР** *сүйл.* Доктор, врач. *Мурун доктур болбогон, Ооруганды соо кылган* (Тоголок Молдо). *Ой, доктурлар, кирейинчи ооруга, Кантип көрбөй чолпонумдан айрылам* (Токомбаев).

**ДОКТУРКАНА** *сүйл.* Оорукана. *Доктуркана анда суунун аркы өйүзүндө, чоң кыштакта эмес беле* (Айтматов).

**ДОКТУРЛУК** **докторлук** менен бирдей.

**ДОКУМЕНТ** 1. Бир нерсенин чындыгын далилдей турган иш кагаз. *Керез оорулуулугу жөнүндө документти да камдап алган* (Бейшеналиев). 2. Көрсөтүүчүнүн ким экенин ырастоочу күбөлүк кат. *Комиссар тиги төртөөнүн документин карап кайра берди* (Жантөшев). *Тарас комсомол билетин баш кылып, бардык документтерин көрсөттү* (Сасыкбаев).

**ДОКУМЕНТАЛДУУ** Документке негизделген, документке таянган. *Документалдуу ырастоо. Документалдуу фактылар.*

**ДОКУМЕНТАЛДУУ ФИЛЬМ** Чыныгы болгон фактыларды, окуяларды көрсөткөн фильм.

**ДОКУМЕНТАЛДЫК АДАБИЯТ** *адаб.* Документалдык чыгармалар.

**ДОКЧУ** Опузалоочу. Бир нерсе өндүрүү үчүн опузалоо, коркутуу жолун пайдаланган адам.

**ДОЛБООР** 1. Имараттын, курулуштун, бир нерсени кайрадан куруунун же даярдоонун, алдын ала даярдалган болжолу, алдын ала түзүлгөн планы. *Бул архитектор Абыкай Болотбековдун долбоору менен курулуп жаткан көп квартиралуу үй* («Ала-Тоо»). 2. Кандайдыр бир документтин ойлонулган нерсенин кийин толуктоолор же өзгөрүүлөр киргизилиши мүмкүн болгон болжолдуу тексти. *Колхоздун башкармасынын заседаниесинде кабыл алынган жаңы уставдын долбоорун Сман окуп берди* (Каимов). *Шарип редакцияга каттын долбоорун даярдайт* (Бейшеналиев).

**ДОЛБООРЛО** Бир нерсенин долбоорун, планын түзүү, иштеп чыгуу. *Электр станциясын куруп жиберип, анан колхоздун эт муздаткыч комбинатын долбоорлойсуңарбы?* (Сыдыкбеков).

**ДОЛБООРЛОН** **долбоорло** этишинин өздүк мамилеси. *Долбоорлонуп коюлган имарат.*

**ДОЛБООРЛОО** **долбоорло** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЛБООРЛОШТУР** Долбоорун түзүү, изилдеп, байкаштырып, долбоорлоо. *Көпүрөнүн планын долбоорлоштуруп чыкты.*

**ДОЛБООРЛОШТУРУУ** **долбоорлоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЛДОЙ** Колдоюп эби-сыны жок комсоо көрүнүү. *Кыргызбай долдойгон жоон киши эле* (Осмоналиев). *Алымбай долдоюп кебетекешпири да жандан башка* (Сыдыкбеков).

**ДОЛДОЙТ** **долдой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОЛДОЮУ** **долдой** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЛДУРА** Жоон үн менен шапылдабай жай сүйлөө, колдурап бир нерсени айтымыш болуу. *Журтбектин долдураган үнү чыкты* (Бейшеналиев). *Локуйган шайтан, бирдемени долдурап коюп, комузду мага сунбагай эле* (Сыдыкбеков).

**ДОЛДУРАК** Орой үн, түшүнүксүз кобуроо. *Эркектин дорулдак үнү үйдөн угулду.*

**ДОЛДУРАТ** **долдура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОЛДУРОО** **долдура** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОЛЛАР** АКШ, Канада, Австралия, Ливан, Ефиопия ж.б. бир катар элдердин акча бирдиги.

**ДОЛОМИТ** Айнек жасоочу керамикалык ж.б. өндүрүштө колдонулуучу составында кальций жана магнезия болгон көгүш ак

түстөгү минерал.

**ДОЛОНО** Майда-майда мөмөсү бар көбүнчө тоого чыгуучу тикендүү катуу жыгач. *Чычырканак, шилби, четин, долоно, өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул).

**ДОЛУ I** 1. Ачуусу келгенде кой дегенге болбогон албуут, ажаан, бейжай. *Сиз долу экенсиз! Мен сизге жакшылыкты каалаcам, алкынасыз да* («Ала-Тоо») *Какылдаган кара кыз Бейжай экен, долу экен* («Эр Төштүк»). *Калп айтпасаң! – деди долу катын сурдана* (Сыдыкбеков). 2. Айтканынан кайтпаган көк, беттегенин бербеген өжөр, мыкты. *Жетик тууган долуга Барып сөйкө салалы* («Манас»). *Билесиңер жедигер, Айчүрөк долу чатагын* («Сейтек»). 3. *өт.* Каардуу, катуу, каарданган, чамынган, бууракандаган. *Бетти, колду каарыган долу бороон* (Сыдыкбеков). *Кечээ күнкү, күрпүлдөгөн долу Чүй, Эпке келип, бүгүн бизге багынды* (Турусбеков). 4. *өт.* Оң каарман аялдарга сүймөнчүлүк менен ыкыбал кылып, туруктуу, кайраттуу деген мааниде кайрылуунун бир түрү. «*Кокуй, долу бейбактын, Күнү эмине болот?*» – *деп* («Манас» С.К.).

**ДОЛУ II** *диал.* Добул.

**ДОЛУЛАН** 1. Албууттануу, бейжайлануу, ачуусу келип буркан-шаркан түшүү, долулугун карматуу. *Идаятхан долуланып ыйлай баштады* (Жантөшев). *Каргап-шилеп долулана берди* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Катуулоо, күчөө, күчөп кирүү, бууракандоо. *Бороон жанагыдан бетер долуланды* (Жантөшев). *Жылдын ушул мезгилинде тоодо ызгаардуу суук, долуланган бороон, көчкү көп болот.*

**ДОЛУЛАНТ долулан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОЛУЛАНУУ долулан** этишинин кыймыл атоочу. *Какылдак оозунан кирген чыкканын билбей долуланууда* (Сыдыкбеков).

**ДОЛУЛАНЫШ** Тажаалдануу, ажаандануу.

**ДОЛУЛУК** Албууттук, бейжайлык, көктүк. *Гүлжамалдын айтканын коё бербес долулук жагын билем* («Ала-Тоо»).

**ДОМБРА** *туурасы:* **домбура.**

**ДОМБУРА** Эки кылдуу, мойнунда беренелери бар, казак элинин чертилип ойнолуучу улуттук музыкалык аспабы. *Каныбек семейлик бир казактан сатып алган домбурасын белинен чечип алды* (Жантөшев).

**ДОМБУРАЧЫ** Домбураны жакшы черткен адам, домбурада жакшы ойной билген чертмекчи.

**ДОМДО** 1. Эмдеп-домдоо. Эмчинин дубаларды окуп жатып оорулунун ар кай жерине колун, камчысын, ж.б. нерсени тийгизүү ырымы. 2. *өт.* Азыраак кол тийгизип уруп коюу, какыс-кукус кылуу, бир аз сесин алган болуу. *Тил албаган баласын биртике домдоп койсо боло* («Ала-Тоо»).

**ДОМЕН** *комп.* Каталогдун жалпы базасын колдонгон жана тармактын бөлүгүн түзгөн компьютерлердин тобу.

**ДОМИНАНТ** 1. Жетектөөчү идея, башкы белги. 2. *муз.* Ар бир төп келген гамманын бешинчи добушунун аталышы.

**ДОМИНИОН** Британиялык империянын өзүн өзү башкаруучу бөлүгү (мурунку колония).

**ДОМИНО** Бир жак бетиндеги майда тактар аркылуу очколору белгиленген, жалпак төрт бурч келген 28 пластинка менен ойноло турган оюн жана ушундай оюн үчүн жасалган таштардын тобу, жыйындысы. *Домино ойноо. Домино алуу.*

**ДОМКРАТ** Оор нерсени бир аз жогору көтөрүүчү атайын жасалга, механизм.

**ДОМНА** Темир кенинен чоюнду эритүү үчүн жасалган шахта меши. *Эң сонун домна курулду. Домна печтери.*

**ДОМНАЧЫ** Домна мешинде иштөөчү жумушчу.

**ДОМОК** Доо, док кылган доомат. *Түбүндө Чонтой кутулбайт, Түгөнбөгөн домоктон* (Тоголок Молдо). *Кан ичердин ар канча, Болуп жатат домогу* (Тоголок Молдо).

**ДОМОФОН** Үйдүн кире бериш жагы менен квартираны байланыштыруучу селектор.

**ДОМП: домп-домп** Олдоксон доңкулдап желген жүрүштү билдирүүдө колдонулат. *Домп-домп желдирүү.*

**ДОМПОЙ томпой** менен бирдей. *Домпойдой Көкүл баланын, Тоготуп сөзүн угушкан* («Эл адабияты»).

**ДОМПОНДО томпондо** менен бирдей.

**ДОМПУЛДА** Домп-домп эткен жүрүштө болуу, доңкулдап желүү. *Кашаң аты кезеккезек домпулдап желген болот.*

**ДОМПУЛДАТ домпулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОМПУШ** Басыгы тынчсыз доңкулдап желген жорток. *Койго жеткис бир домпуш, Чобур кылды тору атты* («Сейтек»). *Каныбектин жүрөгү алып учуп, домпуш аттын дүбүртүндөй түрсүлдөйт* (Жантөшев).

**ДОМЧУ** Эмчи, бакшы.

**ДОНДОЛОЙ** *аңч.* Тоо текенин улагы.

**ДОН-ЖУАН** 1. Адабий тип, испан элдик аңгемелериндеги, о.э. кийинки 17–19-кк. көптөгөн акын, жазуучулардын чыгармаларындагы аял жандуу каарман. 2. *өт.* Аял жандуу.

**ДОН-КИХОТ** Адабий тип, испан жазуучусу Сервантестин ушундай аталыштагы романынын башкы каарманынын ысмы, ак көңүл, аңкоо, куру кыялдарга берилме адам. 2. *өт.* Турмуштан алыс идеалдарга, ишке ашпай турган куру кыялдарга берилген, кыялкеч адам.

**ДОНДОЛОЙ** *аңч.* Тоо текенин улагы.

**ДОНОР** 1. Жарадар же оорулуу кансыраган адамдарга пайдалануу үчүн кан тап-

шырган киши. *Кансырап, өлүм оозунда жаткан адамга өз канын берген донорлорго ким ыраазы болбосун* («Ден соолук»). 2. Өз мүчөсүн (эт терисин, көз ж.б.) башка бирөөгө берүүгө макулдугун берген адам.

**ДОҢУЗ** 1. Жапайы чочко же жалпы эле чочко. *Токоюнда куркүрөп, Толгон доңуз, каманы* (Үсөнбаев). *Доңузду көргүм да келбейт, ал жөнүндө уккум да келбейт деп – Бурма азармандан-безерман болду* (Каимов). *20-жылдагы эсеп боюнча эчки–182 миң, доңуз – 36 миң* («Эркин-Тоо»). 2. Он эки мүчөлүү эсебинин эң аяккы жылынын аты. *Доңуздан – доңуз он эки үчүнчү доңуз – жыйырма төрт* (Токомбаев). 2. Бирөөгө карата тилдөөдө, жаман көргөндүгүн билдирүүдө колдонулат. *Арт жактан Жолой келатыр, Жолу каткан доңузду, Көмө коюп сала көр* («Манас»).

**ДОҢУЗ АЙБАТ** Кыйратып жибергидей эчтемеси жок, куру кайрат, опуруп-жапыра берме куру опуза. *Эч нерсеге алың жетпегенден кийин доңуз айбаттын кереги не* («Ала-Тоо»).

**ДОҢУЗ КОП** Өлүп кет, эмне болсоң ошо бол деген сыяктуу жекирүү, жек көрүү маанисинде колдонулат. *Өкүрмөк тургай өздөрү өлүп, доңуз копсун!* (Токбаев).

**ДОҢУЗ СЫРТЫ** Бийик тоолуу жерлерге чыгуучу, тепсеп кетсе да жапырылбоочу чөп. *Доңуз сырты, кереч чөптөрү малга жагымдуулугу менен белгилүү* (Жантөшев).

**ДОҢК: доңк-доңк** *туур.* 1. Басыгы тынчсыз дөңкүлдөй желген жорток желишти, тегиз эмес өңгүл-дөңгүл жолдогу уруна селкилдеген жүрүштү билдирүүдө колдонулат. *Каржайган арык чоң тору ат доңк-доңк желип баратат.* 2. Туюк дүңкүлдөй чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Карагай арасынан доңк-доңк эткен-дабыш угулат.*

**ДОҢКОЙ** Башкалардан айырмаланып, чоң дөңкөйгөн көрүнүштө болуу, даңкайган бараандуу, москоол кебетеде болуу.

**ДОҢКУЛДА** Тынчсыз басыкта, доңк-доңк эткен жорток жүрүштө болуу. *Араба ичекбооруңду эзип, доңкулдап кетип бара жатууда* (Бөкөнбаев).

**ДОҢКУЛДАК** *туурасы:* **тоңкулдак.**

**ДОҢКУЛДАТ доңкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОҢКУЛДОО доңкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОО** 1. Бирөөнүн мойнундагы бербей, төлөнбөй жүргөн карыз, аласа, өндүрүп алууну талап кылган акы. *Доону төлөбөгөн – төлөйт, ооруну кенебеген – өлөт* (макал). *Муслимахун мына бул доодон кутулуудан башка чара таппады* (Жантөшев). 2. Айып, доомат. *Уурусу күчтүү болсо, ээси доого жыгылат* (макал). *Каныбек жалаа менен доого жыгылды* (Жантөшев). 2. Шек, залал, зыян. *Муздак сууну көп ичип жиберсе, суук тийип, койдун өпкөсүнө доо кетиши мүмкүн* (Жантөшев). 3. Чыр-чатак, арыздашуу, талаш-тартыш. *Жолдош болсоң куу менен, өмүрүң өтөр доо менен* (Токтогул). *Аябай мүшкүл доо чыкса* («Манас» С.К.).

**ДОО АРЫЗ** Доону доологон кагаз жүзүндөгү дат.

**ДОО КЕТҮҮ** Терс таасири тийип, зыяндап калуу, шек кетүү. *Жан дүйнөлөрүндөгү бирин-экинчисине бириктирип турган ыйык сезимдерине доо кеткенсиди* (Айтматов).

**ДООГЕР** 1. Доого калуу, доолуу болуу. *Алиги ыргытып жиберген кишенди кайра барып таап келди. Кайтарып бербесе доогер болор.* (Айтматов). Жоопкер бузган же талашкан укугун коргоо үчүн сотко, арбитражга кайрылган атуул, мекеме, ишкана ж.б.

**ДООГО ЖЫГЫЛУУ** Болбогон жерден, бөйдөсүнөн жалаага кабылуу, айып тартуу. *Күндөрдүн биринде Каныбек жалаа менен доого жыгылды, айып тартты* (Жантөшев). *Уурусу күчтүү болсо, ээси доого жыгылат* (макал).

**ДООЛ I** *диал.* Доолбас. *Алтын оор кернейди Арылдата тарттырды, Алтын доол кактырды* («Манас»). *Доол кагып жылкыдан, Токтоосу жок шар тиет* (Тоголок Молдо).

**ДООЛ II** *диал.* Добул. *Эң катуу жүргөн доол, жаан, Энемдин көз жашы ошол* («Эр Төштүк»).

**ДООЛА** Акысын, карызын, аласасын ж.б. суроо, доосун талап кылуу. *Жоону бирге жоолайлы, Доону бирге доолайлы* («Эр Төштүк»). *Жоро Муслимахунду малайлыктан бошотот. Бул акы доолайт* (Жантөшев).

**ДООЛАТ доола** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДООЛАШ доола** этишинин кош мамилеси. *Үйгө тамак доолаша кирди* (Убукеев).

**ДООЛБАС** Тегерек кылып ийилген тактайча алкактын бир бетине көбүнчө төө териси капталып, согушта, аңчылыкта колдонулуучу барабан. *Пил терисин каптаган, Кабар салчу доолбас, Добушун уксаң оолак бас* («Манас»). *Алыстан доолбасты тарс-тарс урган мергенчилер көрүндү* («Жомоктор»).

**ДООЛДАЙ** Жүндөн соккон таар чепкен, кийиз чепкен. *Байдын коюн кайтарып, Бир доолдай чепкен кийеин* (Тоголок Молдо).

**ДООЛДО** Аалолоно күйүү, дуулдап жакшы тартыла күйүү. *От доолдой күйүп жатат.*

**ДООЛДОО доолдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ДООЛДОТ доолдо** этишинин аркылуу мамилеси. *Карагай отундан доолдото жагып, божурашып отурмай* (Бейшеналиев).

**ДООЛОН** Кымбат кездеменин бир түрү (эпосто). *Доолон, чүчтө бу да бар, Буулум, бута жуда бар* («Манас»).

**ДООЛОО** **доола** этишинин кыймыл атоочу.

**ДООЛУУ** Доосу бар, карыздуу, чыр-чатактуу. *Доолуу киши. Доолуу иш.*

**ДООМАТ** Бирөө тарабынан коюлган милдет, док урунган таарыныч, наразылык. *Андрей эч нерсе билбесе да карандай эле доомат кылды* (Байтемиров). *Доомат кылып сүйлөгөн, Ким болосуң дайның жок* («Семетей»). Жүйөсүн көрсөтө келип коюлган талап. *Биз мындай дооматты кыргыз радиосунун музыкалык берүүлөр редакциясына коюп отурабыз («Ала-Тоо»).*

**ДООР** 1. Заман. *Ал кезде доор башка* (Бейшеналиев). *Кымбаттуу пионерлер, азыр силер бактылуу доордо жашап жатасыңар* («Кыргызстан пионери»). *Биздин доорубузда алыс жол кыскарды, чоочун эл дос болду* (Сасыкбаев). 2. Тарыхый өнүгүштүн белгилүү бир мезгили, убагы. *Кыргыздын тарыхын доорлорго бөлүштүрүү. Түшкө окшоп Фрунзенин эски доору Уландар кыт-кыт күлгөн жомок болду* (Осмонов). ‖ Белгилүү бир аралыктагы мезгил, учур, убак. *Мыскал жаш өмүрдүн кымбат доорун Украина жеринде өткөрүп келди* (Сыдыкбеков). *Жалындуу жаштык доору кандай* (Жантөшев). *Жыйырма-отуз жашымда Жыргап жүргөм бир кезек, Жигиттик доор жашымда* (Тоголок Молдо). 3. Учуру, кыябы келгенде. *Эрге доор келгенде, Эки күлүк тең байлайт, Жерге доор келгенде, Атыр бүркүп гүл жайнайт (Жеңижок). Менин доорум – окторулган тоо суусу, октой учкан замандарды тосуучу* (Мамытов).

**ДООР-КЫЯМАТ** «Кыямат кайым» келгиче деген мааниде айтылат. *Доор кыямат болгуча* («Манас» С.К.).

**ДООРАН** Өлгөн адамды күнөөдөн арылтуу максатында өлүктү коё электе жасалган диндик ырым-жырым жана ошол ырым-жырым үчүн берилүүчү акы. *Дооронуна туруп токсон сом, куран түшүрүп кырк сом олжолуу болот экенмин деп жоруду* («Ала-Тоо»). *Жаназа, доорон алам деп, Адамга ажал тилейсиң* (Токтогул). *Молдо Тагай кары өлсө доорон алып кайтат* (Сыдыкбеков).

**ДООРАН БЕРҮҮ:** **дооранга отуруу** өлгөн адамдын 12 жашын чыгарып салып, калган өмүрүндө окубай калган намазы, кармабай калган орозосу жана башка күнөө иштеринин кипараты (акысы) үчүн молдолорго берилүүчү акча, эгин, мал. *Өз киши эмеспи, «доораныын» куба молдо өткөрсүн, «дооранчыларга» тогуз буум арпа, тогуз улак, тогуз козу, тогуз торпок жол айтылмак болду* (Убукеев).

**ДООРДОШ** Бир мезгилдеш, замандаш, *өзү менен бир доордош болуп калган Макештей жаш инженердин адамгерчиликтүү мамилеси кубантат* («Ала-Тоо»).

**ДООРЛОШ** **доордош** менен бирдей. *Ойлоп турсам бир доорлош калкымдын Барлыгы эне, барлыгы ини, баары аба* (Токомбаев).

**ДООРОН I** Арааны, бийлиги жүрүп турган мезгил, шат, көңүлдүү жашагандык. *Күндө доорон салышып, Күндө күлүк чабышып* (фольк.). *Ат жалын тартып минбедим, артылып доорон сүрбөдүм* («Эл адабияты»). *Согуштан кийин Танабайдын өмүрүндөгү жыргалдуу доорону ошол учур болду* (Айтматов).

**ДООРУК** Капсаландуу окуя, кырсыктуу иш. *Ушундай доорук болорун* («Семетей» С.К.).

**ДООЧУ** Доосун, аласасын доолап, арызданган, даттанган адам, добогер. *Эки доочу бир келсе абийириңдин кеткени, эки оору бир келсе ажалыңдын жеткени* (макал). *Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет* (макал). *Жоо келгенде жоолашкан, Доочу келсе доолашкан* (Арстанбек).

**ДООШ** Ар кандай дабыш, айырмаланбаган үн. *Асманды как жарып, кулак тундура шуулдаган доош чыга түштү* (Сыдыкбеков). *Туш тараптан улуп-уңшугансыган дооштор келет* (Абдумомунов).

**ДОПИНГ** 1. Жарышка түшкөн атка же адамга кошумча күч, кайрат берүү үчүн колдонулуучу зат. 2. Алсыраган организмди жандандыруу үчүн пайдаланылуучу каражат.

**ДОПУ** *туурасы:* **топу.**

**ДОРБО** *диал.* 1. Аттын жем баштыгы, жем баштык. *Дорбого салып катышып* («Манас» С.К.). *Макмалдан кылган дорбону, Момолоп берип сунду эле* («Эр Табылды»). 2. Анча чоң эмес баштык. *Эртеси көтөрүшүп бирден дорбо, Мария Токо менен түштү жолго* (Токомбаев). *Мамыда турат байлануу, Манаттан, дорбо жайлануу* («Эл адабияты»).

**ДОРБОЛО** Баштыктап алуу, баштыкка салуу, дорбо менен алуу. *Карк алтынды жүктөткөн, Качырына дорболоп* («Курманбек»). *Кыз-катынды олжолоп, кызыл алтын дорболоп* (фольклор).

**ДОРГО** Башчы, аксакал, улук, аким. *Камданайын акыр деп, Доргосуна чаптырды* («Манас»).

**ДОРДОГОЙ** Борбойгон, калбыйган калын. *Оозу дордогой.*

**ДОРДОЙ** Одурайып, борбойгон көрүнүштө болуу, калбайып калың көрүнүү, калың тартуу. *Мушташкандардын бир тобу тиштеринен айрылып, эриндери дордоё шишип чыкты* (Абдукаримов).

**ДОРДОЙТ** **дордой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОС** 1. Достук мамиледе болууга убадалашып, бири-биринен эч нерсе аянышпаган, өз ара алыш-бериш байланыштагы

достошкон адамдар, достошкон жолдош. *Кыяматтык ошондо, Дос болушуп калды дейт* («Эр Төштүк»). 2. Бири-бирине карата кастыгы, душмандыгы жок, жакшы мамиледеги ак ниет, жакын, тилектеш, жолдош. *Ойлоп-ойлоп алысты жуук, эл журтту дос кылган ушу биздин өкмөттүн илимине чын пейлимде ыраазы болдум* (Сыдыкбеков). *Достору, тааныштары Андрейдин жолун тороп, көрүшүп калышты* (Сасыкбаев). 3. Жакшы көңүлдөн кандайдыр бирөөлөргө карата кайрылууда колдонулат. *Кел, досторум, катар менен чоң жеңишке басалык* (Токомбаев).

**ДОСКА** Бор менен жазуу, көнүгүү ж.б. жумуштарды жүргүзүү үчүн атайын жасалган жазы такта. *Гулайым доскага кумарланып тигилди* (Бейшеналиев).

**ДОСОНДО** *сейр.* Дос, антташкан дос. *Досондонун жаны бир, куданданын малы бир* (макал). *Досондону ант урат, кубанданы бата урат* (макал).

**ДОСТОШ** Дос болуу, достук мамиле түзүү. *Экөө бирдей ошондо кулүңдөшө колдорун кыса-кыса кармашып достошкон* (Баялинов). *Кайта келе жатканда, Достошомун Акканга* («Курманбек»).

**ДОСТОШТУР** **достош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДОСТОШУУ** **достош** этишинин кыймыл атоочу.

**ДОСТУ, ДОСТУМ** *диал.* Дос. *Айтканым ушул, билип ал, Ай, жан достум, тилимди ал* («Сейтек»). *Ал кара куш достусу, Көздөн кайым болду эле* («Эр Төштүк»).

**ДОСТУК** Бирин-бири кадырлоого, тилектештикке, руханий жакындыкка, өз ара жардамдашууга ж.б. негизделген таттуу мамиле. *Эл достугу темирдей бек, Элибиздин түбөлүк багы* (Шүкүрбеков).

**ДОСЧУЛУК** *сүйл.* Достук, достук мамиле. *Түйшүгүн тартып Аккан бек, Досчулугун актады* («Курманбек»).

**ДОСЬЕ** Кандайдыр бир иш боюнча, суроо боюнча документ чогултуу, ошондой документтер салынган папка.

**ДОТАЙ** Кытайдагы бир аймактын башчысы, аймактын граждандык ишин башкаруучу. *Кашкардагы доотайдан жана орус падышалыгынын консулунан алакандай кагаз алсак* (Жантөшев). *Кашкардан доотай чыкты деп угуп, Капкайдагы эл угуп* (Чоробаев).

**ДОТАЦИЯ** 1. Мекемелерге, ишканаларга, ар кандай уюмдарга ашык сарпталып кеткен чыгымдарын жабуу жана түрлүү керектөөлөрүнө жумшоо үчүн мамлекет тарабынан берилген акча каражаты, жардам. 2. Калк керектөөсүндөгү айрым товарлардын сатык баасын салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде кармап туруу максатында бюджеттен бөлүнгөн акча каражаты. 3. Күндөлүк чыгымдарды жабуу үчүн бекер жана кайтарымсыз негизде мамлекеттик бир деңгээлинен экинчи деңгээлине берилүүчү бюджеттик каражат.

**ДОЦЕНТ** Жогорку окуу жайындагы окутуучунун профессордон төмөн, ассистенттен жогорку илимий наам жана ушундай наамы бар адам. *Доценттин кызыктуу лекциясынын бир дагы сөзүн калтырбай конспектиге түшүрүп калууга аракеттенчүмүн* («Ала-Тоо»).

**ДОЮР** 1. Зубр, жаныбар. 2. *өт.* Көк мелтей, өз билгенин бербеген, ыркка көнбөгөн, кер тартма. – *Атаңды тарткан сен да доюрсуң* (Абакиров).

**ДӨБӨ** 1. Тегиздиктен бир кыйла бийигирээк келип, үйүп койгон сыяктуу көтөрүлүп турган дөң жер. *Каныбек бийик дөбөнүн башында дүрбү салып жалгыз* (Жантөшев). *Кишилердин баары дөбөгө чогулушту* (Каимов). 2. Бир нерселердин үйүлө чогултулган жыйындысы, үймөктөлө жыйылган үйүндү. *Кырманда дөбө болуп турган буудай* (Абдукаримов). *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, Күлүп дыйкан эмгегине сүйүндү* (Бөкөнбаев).

**ДӨБӨДӨЙ** Даңкайган чоң, зор. *Ай атаңдын көрү, дөбөдөй болгон коркок Толтойдун күйүтү өттү* (Бейшеналиев). *Уулу жаман болгон соң, Дөбөдөй болгон атасын төө үстүнөн ит кабат* (Калыгул).

**ДӨБӨЛӨ** Үстү-үстүнө үйүү, чогултуу, үймөлөп жыюу. *Кен тапкан жерди ачык белгилеш үчүн ташты дөбөлөп, төбөсүн чарадай ак ташты койдук* (Таштемиров).

**ДӨБӨЛӨН** **дөбөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ДӨБӨЛӨӨ** **дөбөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨБӨЛӨТ** **дөбөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДӨБӨЛҮҮ** Дөңсөөлүү, дөбөсү бар, дөбөлөрү көп. *Төш жайыгын карасаң Дөбөлүү тоонун керидей* («Манас»).

**ДӨБӨТ** 1. Иттин, карышкырдын эркеги. *Тамдын түбүндө байлануу чоң сары дөбөт жатат* (Сасыкбаев). *Дөбөт карышкыр тишин көрсөтүп ыркырап койду* (Токомбаев). 2. *өт.* Зулумдук, зөөкүрлүк көрсөтүүчү, бирөөлөргө, бирөөнүн айдаганына көнүп зомбулук кылуучуларга ж.б. карата тилдөө иретинде колдонулат. *Басмачы тура, дөбөттөр, акмак* (Абдыраманов). *Сарыбайдын көпкөн дөбөттөрү Кулбаштын буту-колун чылбыр менен байлады* («Мугалимдерге жардам»).

**ДӨБӨЧӨ** Кичине дөбө, дөңүрөөк келген жер. *Бир грузовик кандайдыр жетип келип дөбөчөгө токтоду* (Сасыкбаев). *Мыскал дөбөчөгө карай басты* (Сыдыкбеков).

**ДӨГҮРСҮ** Менменсинип эсирүү, бой көтөрүп кекирейүү. *Жумабек дөгүрсүгөн кыялдан тышкары болучу* (Касымбеков). *Ата*

*даңкына эсирип, дөгүрсүгөн уул* (Сыдыкбеков).

**ДӨГҮРСҮН** **дөгүрсү** этишинин өздүк мамилеси.

**ДӨГҮРСҮҮ** **дөгүрсү** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨДӨЙ** Келесоо чалыш, айтылган сөздү оңой менен түшүнө албаган макоо, дөөпөрөс. *Тил билбеген дөдөй менен кантип өмүр өткөрөм? – деди Батийна* (Сыдыкбеков).

**ДӨДӨЙЛӨН** Сүйлөгөн сөзү, мамилеси, кылык-жоругу менен дөдөйлүгүн көрсөтүү, сездирүү. *Дөдөйлөнүп түшүнбөө. Дөдөйлөнүп туруп алуу.*

**ДӨДӨЙЛӨНҮҮ** **дөдөйлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨДӨЙЛҮК** Дөдөйгө таандык сапаттар, оңой менен түшүнбөстүк, кеңкелестик, макоолук келжиректик, эч нерсе билбегендик. *Батийна күйөөсүнүн оройлугуна, дөдөйлүгүнө өкүндү* (Сыдыкбеков).

**ДӨДӨМӨЛ** *диал.* Болжол, божомол, жоромол.

**ДӨДӨМӨЛДӨ** *диал.* Болжолдоо, жоромолдоп болжол кылуу. *Каныбек бул жөнүндө жана эле укса да, Анархан өз оозу менен эмне айтар экен дегенсип дөдөмөлдөдү* (Жантөшев).

**ДӨКӨР** Кайраттуу, чечкиндүү.

**ДӨМБҮЛ** Дөбөлүү, дөңдүү. *Эски газик куугандарга жеткирбей, дөмбүлдөрдө ойкукайкы баратат.*

**ДӨМПӨГӨЙ** Кичине дөмпөйүп турган, көтөрүңкү дөмпөк.

**ДӨМПӨЙ** Жондонуп, көтөрүлүп туруу, дөң сыяктанып бир аз көтөрүлгөн абалда болуу, төмпөйүү. *Борошого бастырылган майда бадалдар дөмпөйөт* (Каимов), *Дөбөдөгү дөмпөйгөн, Шыралжынга жашынды* («Эр Табылды»).

**ДӨМПӨЙТ** **дөмпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДӨМПӨЙҮҮ** **дөмпөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨМПӨК** Бир нерсенин дөмпөгөй тартып бир аз көтөрүлүп турган абалы же жондонуп дөң сыяктанып дөмпөйүп чыгып турган жер.

**ДӨНӨДӨЙ** ‖ **ДӨНӨНДӨЙ** Быштыдай. *Кулун тайы дөнөдөй, Атын көрчү дубалдай* (Молдо Кылыч).

**ДӨНӨН** 1. *диал.* Бышты. *Ак чатырды бүктөтүп, Ак дөнөнгө жүктөтүп* («Семетей»). 2. Айрым малдардын үч жаштан төрт жашка караганын билдирүү үчүн колдонулат. *Дөнөн бука.*

**ДӨҢ** Тегиздиктен бир канча бийигирээк көтөрүлүп, үйүп койгон сыяктуу дөмпөйүп турган жер, жондонуп турган дөбө, дөбөчө. *Айыл тиги дөңдүн ары жагында эмеспи* (Жантөшев). *Айылдын көп маселелери ушул дөңдө чечилет, көп убактарда мында кыларга иши жок чалдар өткөн-кеткенди айтып, маектешип отурушат* (Каимов). *Тетиги дөңдөгү заңгыраган – шахтёрлордун маданият двореци* (Сасыкбаев).

**ДӨҢГӨК** Дөбөчө, дөңгүл, дөңүрөөк жер. *Дөңгөктөгү марада, Журт чуркурап көрдү эми* («Эр Табылды»). *Өңгөк-дөңгөк талааны, Оруп турат деп уктум, Каары келген адамды, Соруп турат деп уктум* («Манас»).

**ДӨҢГӨЛӨ** Тегеренип (көбүнчө тегерек нерсеге карата) жылуу. *Кандайдыр пайда болуп чоң дөңгөлөк, Ортого тура калып ал дөңгөлөп* (Үмөталиев). *Жатмак кайда! Тасмадан Цемент кетет дөңгөлөп* (Токомбаев).

**ДӨҢГӨЛӨК** Ар кандай транспортту, механизмди ж.б. кыймылга келтирип, жылдырып, жүргүзүп туруууга ылайыкталган, өз огунда айлануучу атайын жасалган тегерек деталь. *Курулушта эки абышка арабанын дөңгөлөгүн жасап жатышат* (Баялинов). *Эңкейиш жолдо аттар желе басса дөңгөлөктөр көзгө илээшпей жеңил чимирилет* (Сыдыкбеков). *Моторлорго от берилип, дөңгөлөктөр кыймылга келди* (Убукеев).

**ДӨҢГӨЛӨКТҮҮ** Дөңгөлөгү бар, дөңгөлөк менен жабдылган. *Эки ат чегилген эки дөңгөлөктүү арабага зуңкуйган челекти орнотуп таштаган* (Каралаев). *Кош дөңгөлөктүү арабада кыйналганыбыз ай!* (Бөкөнбаев).

**ДӨҢГӨЛӨКЧӨ** Кичинекей дөңгөлөк.

**ДӨҢГӨЛӨН** Дөңгөлөк же дөңгөлөк формасындагы ар кандай нерселер өз огунда айланып тегеренип алга жылуу, дөңгөлөгөн абалда болуу.

**ДӨҢГӨЛӨНҮҮ** **дөңгөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨҢГӨЛӨТ** **дөңгөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДӨҢГӨЧ** Отун жарганда же бир нерсе коюп чапканда алдына төшөлүүчү кыска жоон жыгач. *Кулбаш эшик алдында жаткан чоң дөңгөчкө барып отурду* (Абдукаримов). *Бир жарым кап арпа жоон арча дөңгөчтүн үстүнө коюлган* (Абдукаримов). *Балта көтөргөнчө дөңгөч эс алат* (макал).

**ДӨҢГҮЛ** Тегиз болбой, дөңчө болуп көтөрүлүп, уңкул-чуңкулду пайда кылып турган жер. *Боз дөңгүлдөн ары жакта, Кароол дөбө көрүнөт* («Эр Төштүк»).

**ДӨҢГҮЛДҮК** Үмүтсүздүк, айласы кеткендик, алаңгазардык.

**ДӨҢГҮР** *диал.* Дөңгүл.

**ДӨҢКӨЙ** Көтөрүлүп, дөмпөйгөн абалда болуу. *Өтүгүнүн оң жак кончу жулугунан бери балык жон тартып дөңкөйөт* (Сасыкбаев).

**ДӨҢСӨӨ** Дөңүрөөк келген жер, дөбөчө, тегиз жерге караганда бийигирээк көтөрүлүп турган жапырт дөң сыяктанган жер. *Өрдөп барган жери дөңсөө, бир жагы кокту сымалдуу* (Турусбеков). *Жапар атын шарт*

*камчылана бастырып, алды жагындагы бир дөңсөөгө чыкты* (Баялинов).

**ДӨҢЧӨ** Кичирээк дөң, дөбөчө. *Анын үйү клубдан көп ылдый дөңчө жерде эле* (Шимеев).

**ДӨӨ** 1. Жомоктордо кезигүүчү кадыресе кишилерге окшобогон зор, алп денелүү адам. *Кара малдан төөсү көп, Жөн адамдан дөөсү көп* («Манас»). 2. *өт.* Бою бийик, албеттүү киши, балбан. *Айлына киши өткөрбөс, Алп чал калмак дөө экен* («Эр Табылды»).

**ДӨӨ ШААЛАР** Мансаптуу, даражалуу кишилер, улуктар.

**ДӨӨБАНТ** Эпос боюнча дөөнү жеңген, дөөнү байлап алган, аябаган эр. *Жоругун адам билбеген жоомарт эрдин бири ушу. Жоо көрбөсө, бууруккан дөөбант эрдин бири ушу («Манас»).*

**ДӨӨГҮРСҮ** *туурасы:* **дөгүрсү.**

**ДӨӨДҮР** Келесоо, макоо чалыш, маанисиз сүйлөгөн, келжирек. *Миң чеченди бир дөөдүр жеңиптир* (лакап).

**ДӨӨДҮРӨ** Тиешесиз, маңызсыз, орунсуз сөздөрдү сүйлөө, келжирөө. – *Сен эмне дөөдүрөп отурасың* (Жантөшев). *Акмат ушинтип дөөдүрөп сүйлөгөнү менен жумушка кыйын* (Байтемиров).

**ДӨӨДҮРӨК** Дөөдүрөп сүйлөй берген дөөпөрөс, дөөдүр. *Дөөдүрөктүн бири.* Тантыраган, дайны жок, маңызсыз. *Дөөдүрөк кеп.*

**ДӨӨДҮРӨӨ** **дөөдүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨӨДҮРӨТ** **дөөдүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДӨӨКӨР** Эр жүрөк, чечкиндүү.

**ДӨӨЛӨТ** 1. *эск.* Мамлекет, бийлик. *Дөөлөтү көлдөй толуптур* («Манас» С.О.). 2. Даража, мансап, урмат, сый. 3 Байлык, мал-мүлк, жетиштүүлүк, молдук. *Чыккан мээнет, кирген дөөлөт* (макал). *Артык дөөлөт баш жарбайт* (макал). 4. Бакыт, таалай, жыргал. *Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөтту* (макал). *Кетпес дөөлөт, кең заман, Кеңеш өкмөт тургузду* (Токтогул).

**ДӨӨЛӨТ КҮТҮҮ** Байлыгына, жетиштүүлүгүнө же мансабына, даражасына ишенип көтөрүлүү, менменсинүү, каада күтүү.

**ДӨӨЛӨТ КУШУ** Бакты-таалай, бийлик, байлык алып келе турган касиетке ээ деп эсептелген мифологиялык куш. *Дөөлөт кушу башында* («Манас» С.О.).

**ДӨӨЛӨТТҮҮ** 1. Мансаптуу, жетиштүү, мал-мүлктүү, оокаттуу, байлыгы көп. *Жакыптын атасы дөөлөттүү киши эле* («Ала-Тоо»). *Данакандын барган жери дөөлөттүү болду* (Сыдыкбеков). *Колхозуң болсо дөөлөттүү, Жүрөгүңдү жашартат* (Осмонов). 2. Ырыс-таалайлуу, кадыр-барктуу, урматсыйга татыктуу. *Карыганда дөөлөттүү болгонго не жетсиң* (Бейшеналиев).

**ДӨӨЛҮК** Чондук жана күчтүүлүк. *Сарыбайдын Дөөлүк түрү көрүнүп, Айбаты күйгөн чок болуп* («Сейтек»). *Баатырдыгы, дөөлүгү өзү чыгып калыптыр Элемандын Төштүгүн, Тосо чыгып калыптыр* («Эр Төштүк»).

**ДӨӨМӨТ** *туурасы:* **нөөмөт.** *Дөөмөтүм келген үчүн алдым да сууну* (Байтемиров).

**ДӨӨПӨРӨС** Келесоо чалыш, аңкоо, оозуна келгенди ойлонбой сүйлөй берген. *Журтбек дөөпөрөсту ошончолук жек көрушөт* (Бейшеналиев).

**ДӨӨПӨРӨСТӨН** Оңой менен түшүнө албоо, кеңкелестенүү, дөөпөрөстүк кылуу. *Чегиртке кези келгенде дөөпөрөстөнгөн чалагайым* (Сыдыкбеков).

**ДӨӨПӨРӨСТҮК** Дөөпөрөскө таандык сапаттар. *Дөөпөрөстүк кылуу. Дөөпөрөстүктүн азабын тартуу.*

**ДӨӨРҮ** Орунсуз, тиешеси жок сөздөрдү сүйлөө, тантыраган сөз айтуу. *Тигиниң эмне деп дөөрүйт,– деди Абыке Салкынайга* (Сыдыкбеков).

**ДӨӨРҮК** Келжирек, куру сөздү көп сүйлөгөн.

**ДӨӨРҮТ** **дөөрү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДӨӨРҮҮ** **дөөрү** этишинин кыймыл атоочу.

**ДӨӨТ** **дөөтү** менен бирдей.

**ДӨӨТҮ I** *миф.* Диний мифологиядагы пайгамбардын аты. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында темир устанын пири, усталардын колдоочусу. *Төкөр уста Бөлөкбай, Дөөтү менен дос болгон* («Сейтек»).

**ДӨӨТҮ II** *арх.* Сыя челек. *Дөөтүдөгү сыянын каралыгы баркыттай (Эл ыры).*

**ДӨРБӨН** Төрт. *Дөрбөндөрдүн Төртайы, Төп сүйлөгөн сөз жайы. Төлгөчү кара Төлөгү, Төгүн эмес өнөрү* («Манас»).

**ДӨРГӨ** 1. Башкаруучу, төрага, ак сакал. 2. Бир аймактын башчысы. *Кашкарга кирип көргөмүн, Калмактын койгон дөргөсүн* (Молдо Нияз).

**ДӨРӨӨ I** Уруп жазалоо үчүн ылайыкталган камчы.

**ДӨРӨӨ II** *диал.* Ашуу, тоонун ашып өтүүчү жери. *Жеке дөрөө ашуусу кышында калат кар басып* (фольк.).

**ДӨШҮ** Үстүнө металлды коюп сомдоо, чыңдоо, таптоо үчүн ылайыкталып, атайын куюп жасалган чулу темир. *Кызара баштаган темирди картаң уста кычкач менен аткый кармап дөшүгө койду да көрүкчүгө: – Ал барсканды,– деди* (Убукеев).

**ДРАЙВЕР** *комп.* Иштетүү системасын физикалык түзүлүш менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылган программа.

**ДРАМА** 1. Диалог формасында жазылып, сахнада аткарууга ылайыкталган адабий чыгарманын бир түрү. *Кыргыз адабиятчыларынын драмалары адабияттын алтын фондусунан бекем, орун алды.* 2. *өт.* Адамдын ички дүйнөсүнө таасир кылган оор окуя, кайгылуу көрүнүш, бактысыздык.

**ДРАМАЛАШТЫР** Кандайдыр бир чыгарманы драма формасына келтирүү, түзүү.

**ДРАМАЛАШТЫРУУ** **драмалаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ДРАМАЛЫК** **драма** дегенге таандык. *Драмалык театр. Драмалык актриса.*

**ДРАМАТИЗМ** Окуянын, аракеттин, каршылыктардын курчуп жетилген, чыңалган драмалык абал, өзгөчөлүк. *Романдын акыркы бөлүгү драматизм менен толгон. Балеттик ушул фрагмент татаал драматизм жолу аркылуу чечилген* («Ала-Тоо»).

**ДРАМАТУРГ** *адаб.* Драмалык чыгарма жазган автор.

**ДРАМАТУРГИЯ** 1. Драмалык искусство. Бир элдин, доордун же айрым бир жазуучунун драмалык чыгармаларынын жыйындысы. *«Кайгылуу Какей» – кыргыз драматургиясынын туну.*

**ДРАМКРУЖОК** Драмалык кружок, драма кружогу.

**ДРАНКА** Тамдын тактайдан урулган шыбын кум шыбактоонун алдында шыбак токтотуу үчүн кагылуучу абдан жука, энсиз ичке-ичке майда тактайчалар.

**ДРАНКАЛА** Дранка уруу, дранка менен каптап тосуп чыгуу. *Дранкалап бүтүү.*

**ДРАНКАЛАН** **дранкала** этишинин өздүк мамилеси.

**ДРАНКАЛАТ** **дранкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДРАНКАЛОО** **дранкала** этишинин кыймыл атоочу.

**ДРАП** Жүндөн токулган сырт кийимдик калың тыгыз материал. *Кара драп менен тышталган ичик.*

**ДРЕЛЬ** Металл, жыгач ж.б. материалдарга көзөнөк жасоочу бургуга окшош курал. Ал кол, электр же аба кыймылдаткычтары менен аракетке келет.

**ДРЕНАЖ** *геол.* Саздак жерди кургатуу же жер алдындагы суунун деңгээлин төмөндөтүү үчүн сууну бөлөк жакка агызуу максатында атайын жасалган каналдар, түтүктөр.

**ДРЕССИРОВЩИК** Үйрөтүүчү. Айбанаттар менен куштарга адам сыяктуу жана ж.б кыйынчылык туудура турган кыймыл-аракеттерди жасоону үйрөтүүчү адам.

**ДРОЖКА** Үстү ачык, рессорлуу, киши тарта турган жеңил араба. *Жапар дрожкадан түшүп, атын теректердин бирине байлады* (Баялинов).

**ДРУЖИНА** 1. Байыркы Рустагы феодал княздын аскерлеринин негизги ядросун түзгөн жана анын жеке чарбасын башкарууга катышкан куралдуу отряд. 2. Падышалык Россиянын мезгилиндеги өз ыктыяры менен кошулган аскердик бөлүк. 3. Кандайдыр бир коомдук ишти аткаруу макса- тында өз ыктыяры менен түзүлгөн группа, топ, отряд. *Санитардык дружина. Өрт өчүрүүчү дружина. Роза Кадыровнанын демилгеси менен медициналык дружиналар уюштурулган* («Ден соолук»).

**ДРУЖИНАЧЫ** Дружинанын мүчөсү, дружинага катышуучу.

**ДУ-ДУ** Аскер башчысы. *Алты ду-ду Алоке, Булардын өнө бою дүркүрөп* («Манас»). *Мылтыктар бар асынган, Оозун ылдый каратып, Асынганын жапырган. Ду-дусу окус «ур» десе, Алтымышы качырган* (Чоробаев).

**ДУАЛИЗМ** Материя менен рухтун бирөөсүн гана дүйнөнүн негизи, башталма катары тааныган монизмге карама-каршы, идеализм менен материализмди айкалыштырууга, бириктирүүгө умтулган философиялык окуу.

**ДУБА** 1. Өлгөн адамга же башка кандайдыр бир диний жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга байланыштуу жакшылык тилегин, көңүлүн билдирүү иретинде окулуучу бата кылуу ырымы. *Дуба кылып алаканын жайганда, Кудай үчүн мындайчалап баштады* (Токомбаев). *Оомийин десе дубаны, Кабыл болгон шер ошол* («Манас»). 2. диал. Салам. *Бизден дуба айта бар.* 3. Тумарга жазылган сөздөр. *Арып менен дубанын, Күчүнөн турган жер деди* («Манас» С.О.).

**ДУБА КЫЛУУ** Куран окуу. *Дуба кылып коёлучу, – деп байбиче ичинен бирдемелерди айтып... кол жайды* (Байтемиров).

**ДУБАЙ САЛАМ** Кат аркылуу жиберилген же бирөө аркылуу айтылган салам, салам-дуба. *Айсулуу үйгө барып алды калам, Жазылды чын жүрөктөн дубай салам* (Үмөталиев). *Карып уулуңан дубай салам айтып жатат, – деди Кулбаш төшөктөгү Култайга* (Абдукаримов). *Агарып барып таң аткан ак шайы көйнөк Арзыкан, окутуп угуп, кулак сал, дубай салам кат жазам (Барпы).*

**ДУБАЛ** 1. Короо-жайды, имаратты ж.б. тегерете кирпичтен, топурактан ж.б. бийиктей жасалган тосмо, коргон. *Огородун айланта Дубал менен бекиткен* (Нуркамал). *Чиркөөнүн чоң короосу, короону айланткан бийик дубалы, дубалдын темир дарбазасы бар* (Баялинов). *Ага чейин кулактардын дубалын согуп кол жоорутпадыкпы* (Сыдыкбеков). 2. Тамдын, имараттын керегеси. *Дубал бетине жүк жыйылган* (Жантөшев). *Заводдун дубалы көтөрүлүп, төбөсү жабылып, ички монтаж жумуштары башталды* (Сасыкбаев).

**ДУБАЛ ГАЗЕТА** *же* **кереге газета** Кандайдыр бир мекеменин, ишкананын, уюмдун ж.б. кол менен жазылып же машинкага басылып, мезгил-мезгили менен чыгарылып, дубалга же көрүнөө жерге илинип коюлуучу органы, газетасы. *Мектептин дубал газетасы. Кимдир бирөө кереге газетасын чыгаруу жөнүндө сунуш киргизди* (Баялинов).

**ДУБАЛА** Дуба окуу жолу менен сыйкырдоо, дуба окуу менен кубултуп жиберүү, көз боочулук сыяктуу таасир берүүгө аракеттенүү. *Агынайдын бубулук жайы бар, молдо дубалап берген суу мончокторду кыз-келиндерге тагып жүргөндөрдүн бири* (Сасыкбаев). *Элдияр кара ташты дубалап кара суунун түбүнө салды* («Эр Табылды»). *Ырандуу түздү жайлаган, Көз боочулап дубалап, Адамдын көзүн байлаган* («Сейтек»).

**ДУБАЛАН** **дубала** этишинин өздүк мамилеси. *Бул эмне, дубаланып алган эмеби* («Ала-Тоо»).

**ДУБАЛАТ** **дубала** этишинин аркылуу мамилеси. *Дубалатып таш салып Күндү жайлап жаагызды* («Манас»).

**ДУБАЛДУУ** Дубал менен курчалган, дубалы бар. *Бийик дубалдуу короо. Андан төмөн кирпич дубалдуу казарма бар* (Сасыкбаев).

**ДУБАЛОО** **дубала** этишинин кыймыл атоочу. *Кара курт чакканда дубалоо ырымы. Тиши ооруганды дубалоо.*

**ДУБАЛЧЫ** Дубал салуучу, дубал куруучу. *Атаңдын көрү дубалчым... Мен аны тек мектептин күзөтчүсү десем...* (Сыдыкбеков).

**ДУБАН** 1.Облус, аймак, район сыяктуу административдик-территориялык бөлүнүш. *Каракол дубаны.* 2. Жогорку бийлик башында тургандардын чогулуусу менен өткөрүлгөн чогулуш, жыйын, топ. 3. *сүйл.* Чоң жыйын, көп жергиликтүү бийликтин башкаруучулары катышкан маанилүү жыйын. **к. диван II.**

**ДУБАНА** Динге үгүттөө максатында диндик ырларды айтып, кайыр сураган адам, диний көз караштагы адам. Сопулуктун (суфизмдин) бир көрүнүшү. *Бир дубана от жагып, Отурган жери–Кара-Үңкүр* (Тоголок Молдо). *Дубана менен эшенге Куйругу кучак ат бердим* («Эр Төштүк»). Дубанача зарланып, турган менен арга жок (Арстанбек). 2. *сүйл.* Тилемчи, кайырчы.

**ДУБАНДА ЖОК** Тендеши жок, эң мыкты, бирден-бир. *Бул тойдо дубанда жок күлүктөр чабылды* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Дубандан чыккан.** *Дубандан чыккан күлүк.* **Дубанды бузган.** *Дубанды бузган жорго элем. Топор болдум басыксыз* (Токтогул). *Багыштардын дубанды бузган жоргосу болот* (Көчкөнов).

**ДУБЛЕТ** Бир нерсенин экинчи экземпляры, эки окшош нерсенин бирөө.

**ДУБЛЁР** 1. Кимдир бирөө менен бир мезгилде окшош, бирдей жумушту аткаруучу. 2. Тиешелүү убактарда негизги артисттин ордуна ойноочу артист. Фильмди бир тилден экинчи тилге которууда тексти окуп туруучу.

**ДУБЛИКАТ** Кандайдыр бир документтин нак өзүндөй күчү бар экинчи нускасы.

**ДУБЛИРЛӨӨ** *сүр.* Башка нерсеге чаптоо менен живописттик чыгарманын эскирген жана бузулган түп нускасын ондоону түшүндүргөн реставрациялык термин.

**ДУБЛЯЖ** 1. Добуштуу фильмдин сөзүн өзүнүн тилине которуп тасмага жазуу. 2. Кинофильмдин добушу экинчи тилге которулуп жаңыдан жасалган фонограммасы.

**ДУГАДАР** Тилектеш. *Кунандай өкүм туйласаң, Кубанып калам балдардай. Сөрөгө тизгин жайганда, Дугадар болом чалдардай. Секиргин ылдам «Карт күрөң», Жылкы атасы Камбардай* (Токомбаев).

**ДУГАЙ** **дубай** менен бирдей. *Дугай салам.*

**ДУГДУЙ** 1. Москоол тартып күржүйгөн, болук көрүнүштө болуу. *Дугдуюп Алымбайдын кебетеси да бир бөтөн экен* (Сыдыкбеков). 2. Кабагын салып дулдуюп, унчукпаган абалда болуу. *Дугдуюп унчукпай олтурду.*

**ДУГДУЙТ** **дугдуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДУГДУҢ: дугдуң-дугдуң** Москоол тарткан же болук көрүнүштөгү дененин жандуу кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Дугдуң-дугдуң жүгүрүү.*

**ДУГДУНДА** Дугдун-дугдуң этүү. *Көкө эч кимисине карабай дугдуңдаган бойдон ордунан тура калды* (Касымбеков).

**ДУГДУҢДОО** **дугдуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУГДУЮУ** **дугдуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУДИ** Шишкебектин түтүнү. *Пулу барга лулла кавап, Пулу жокко дуду кавап* (Токомбаев).

**ДУДУК** 1. Кулагы укпаган жана сүйлөө жөндөмү жок адам. *Эптеди, бир дудук кыз алып берди, үйлөнүп дал отузга чыккан жылы* (Үмөталиев). *Тилден калып бир жолу Дудук болгон андан көп* («Семетей») 2. *өт.* Көп сүйлөбөгөн, унчукпаган. *Жүрүшү дудук, үн чыгарып сүйлөбөйт* (Убукеев). *Ал баягысындай дулдуюп дудук* (Сыдыкбеков).

**ДУДУКСУНТ** Дудуктугун баса белгилей көрсөтүп, кемсинтүү. *Дудуксунтуп көңүл бөлбөө.*

**ДУДУКТАН** Үн катпоо, сүйлөбөө, унчукпоо. *Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан мостоюп карап турду дудуктанып* (Бөкөнбаев). *Чоочун киши тили оозу жок немече дулдуюп дудуктанат.*

**ДУДУКТАНУУ** **дудуктан** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУКАБА** *туурасы:* **тукаба.**

**ДУЛАЙ** 1. *сейр.* Кийизден же койдун терисинен жасалган, көбүнчө ат үстүндө жүргөндө кийүүчү кышкы бут кийим. 2. Алгыр куштардын (бүркүт, куш ж.б.) бутундагы боосунун өтүшүнөн пайда болгон жара, шишик.

**ДУЛДУГУЙ** Дулдуйган, бети калың, эт-

кел беттүү, тултуйган. *Туурасы жоон, бою пас, Дулдугуй беттүү, өңү саз, Керберсиген чоң Жолой* («Манас»).

**ДУЛДУЙ** Таарынган, капа болгон же жактырбаган кыязда кабагын салып унчукпай коюу, сыртын салып, сөз катпоо. *Шейше дулдуюп үн катпай отурду* («Ала-Тоо»). *Аскар дулдуюп сөз сүйлөбөйт* («Ала-Тоо»).

**ДУЛДУЛ** 1. *миф.* Чарчап-чаалыкпаган күлүк, талбаган тулпар. *Ташка салсаң тайгылбайт, Туягы калың дулдулдун* (Токтогул). *Сур коён кара жылкы дулдулу, Кайып сурдун кулуну* («Манас»). 2. *өт.* Кайраттуу, чарчабас, чаалыкпас. *Адамдын дулдулу.*

**ДУЛДУҢДА I дугдуңда** менен бирдей. *Керез дулдуңдап бешилик менен чөптү камтый сайып тез-тез ыргытат* (Бейшеналиев).

**ДУЛДУҢДА II тултуңда** менен бирдей.

**ДУЛУГУЙ** Жайык беттүү, түрү суук.

**ДУЛУЙ дулдуй** менен бирдей. *Алымбай баягысындай дулуюп дудук* (Сыдыкбеков).

**ДУМАЛА** Тоголонуу, тегеренүү. *Колдон түшкөн сымаптай, коргошундай думалап, тили – сенде, дили – жат* (ыр).

**ДУМАНА** 1. **дубана** менен бирдей. *Думана деп ойлошуп* («Манас» С.О.). *Кызык бала, ырчы менен думана көрсө уйгактай жабышып алат* (Токомбаев). 2. Келесоо, жинди чалыш.

**ДУМБАЛА** 1. Ороп-чулгоо, орой салуу, чүмкөп коюу. *Экөөнү чапанына, бирөөнү жоолугуна думбалап койду. Апам мени жууркaным менен кошо думбалай көтөрүп, бооруна кысып, эки бетимден өпкүлөп жатты* («Ала-Тоо»). 2. Будамайлоо, эптеп-септеп бүтүрө салуу, бүттү аты кылуу. *Ары-бери думбалабай жакшы иштөө.*

**ДУМБАЛАКТА** Томолото-жумаланта оонaлактаган абалга келтирүү же думбалап ороп-чулгоо.

**ДУМБАЛАКТАН думбалакта** этишинин өздүк мамилеси.

**ДУМБАЛАКТАШ думбалакта** этишинин кош мамилеси. *Карда оонап, думбалакташып жаткандарды эсепке алууга мүмкүн эмес* («Чалкан»).

**ДУМБАЛАКТОО думбалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУМБАЛАН думбала** этишинин өздүк мамилеси. *Аппак кар жамынып, ызгаар чачып, думбаланып кийинүүгө аргасыз кылган айлана такыр башка кейипте* (Бейшеналиев).

**ДУМБУЛ** Каргалар түркүмүнө кирүүчү кичинекей келгин чымчык.

**ДУМКЕЛТЕК** *диал.* Дүмпүлдөк оюну.

**ДУМПУЙ** 1. Керилип, дөмпөгөй тарткан, *Бала момпосуйга толтура думпуйган чөнтөгүн ырахаттана сылап койду* («Байчечекей»). 2. *өт.* Ичимтап, түнт мүнөз. *Айжамал эне күйөө баласынын думпуйган түнт мүнөзү бар экендигин байкады* («Ала-Тоо»).

**ДУМУК** 1. Үп болуп, аба жетпей дем кысылуу. *Күн күркүрөөрдө аба думуккан сыяктуу киши да ич араны ачуучу чоң сөз сүйлөөрдө кыйналат эмеспи* (Айтматов). *Кара жалчы кара терге чөмүлүп, Жай саратан узун күндө думугуп* (Элебаев). 2. *өт.* Капа болуу, бук болуу, кысылуу. *Арманын ачык айталбай, Күндөрдү санап думуккам* (Маликов). *Кайгырсам, муңду ким угат, Айтпасам, ичим думугат* («Кедейкан»). *Думугуп чыгат үнүм да, Уюлгуйт булут көзүмдө* (Мамазаирова).

**ДУМУКТУР думук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДУНГАНДАР** *ж. с.* дунган, дунганка. Кытайда жана КМШде жашоочу тили жагынан кытай тилдеринин тобуна кирүүчү калк.

**ДУҢГУЛ** 1. Нык, кажырлуу адам. *Кудайназар куудул чал, Купшуңдаган дуңгул чал* («Эр Табылды»). 2. Кол-аягы кыска, кашаң ат. *Тулпарың күлүк болбосо, Дуңгулдан артпайт бу дагы* («Эл адабияты»).

**ДУРУС** Жакшы, түзүк, туура. *Врач Абаздын саламаттыгы дурус, жүрөгү таза деген корутунду чыгарды* (Таштемиров). *Дурус сөз, иним, сенин бул айткандарыңдын жөнү бар* (Абдукаримов). *Бул дурус акыл, – деди Насир* (Баялинов).

**ДУРУСТА** Жакшылоо, түзүктөө, түзүктөп иштөө. *Дагы дурустап карачы Асылкан* («Ала-Тоо»). *Эми материалдарды аларың менен дурустап иште* (Жантөшев). *Адамдарыңа дурустап эскерттиңби* (Жантөшев).

**ДУРУСТОО дуруста** этишинии кыймыл атоочу.

**ДУРУСТУК** Туура, жакшы.

**ДУСТ** Дезинфекциялык каражат катарында колдонулуучу порошок түрүндөгү химиялык зат.

**ДУТАР** Тажик, түркмөн, өзбек, уйгур элдерине таркаган мойну узун, эки кылдуу музыкалык аспап. *Дутар менен чоё тартылган кыяк созолонуп, кош айтышкандар андан көп* (Сасыкбаев). *Ырчы ырдап, бийчи бийлеп, дутар чалып, Наамакөй сурнай, чертмек, кыял алып* («Эл адабияты»).

**ДУТАРЧЫ** Дутарды черте билген, дутарда жакшы ойногон адам.

**ДУУ** 1. Күүлдөгөн үн, баш аламан жапырт чыккан дабыш. *Элдин дуусу театрды түп көтөрүп кетчүдөй* («Жаш ленинчи»). *Ызакул колун көтөрүп, дуу-дууну басты* (Бейшеналиев). *Отургандар тартиптүү, кызыса дуусу жок* (Жантөшев). 2. Чырчатак, уруш-талаш, согуш. *Найза кармап топ бузуп, Дууга минер мал экен* («Манас»). *Асман жарган чуу чыкса, Жер өрттөнгөн дуу чыкса, Атаганат дүнүйө Жарап берчү эр беле* («Эр Төштүк»). 3. Кеп болуп кеткен, кеңири таралган ар кандай сөз, кабар. *Неси*

*болсо да Манапбайдын бул жоругу эл арасында дуу* (Сыдыкбеков). *Айкелдүү Кыяз сойду деп, Катын менен баласын, Олжо кылып койду деп, Калың элге дуу болду* («Манас»).

**ДУУДАМАЛ** Кең таралып, дуу-дуу болуп кеткен сөз, дуулдатып күчөтүлгөн кабар, имиш-имиш. *Ушунтип айтылган сөздөр божомолго, тукшумөлгө, дуудамалга өтүп, Ош шаарынын ичин дүңгүрөтүп жатты* (Жантөшев). *Карып тукшумөлдү дуудамалаата салды* (Жантөшев)

**ДУУДАМАЛДАТУУ дуудамалдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУУДУН** Кытайдын атлас жана шайы кездемесинин бир түрү. – *Ий, ырас келбедиңби, чакыртып алайын деп жаткан элем,– деди Жаныштын көөлгүгөн байбичеси дуудун күрмөнү жамына берип* (Үмөталиев).

**ДУУЛА** Жакшы турмушта жашоо, санаасыз, капасыз болуп шаттыкка бөлөнүү, жыргоо. *Жырга, дуула малчылар, Жыргалдуу заман кез келди* (Осмонкул). *Кайгы менен капа жок, Дуулап жаткан биздин эл* (Калык).

**ДУУЛАТ дуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДУУЛДА** 1. Бака-шака түшүү, күүлдөө, дуу-дуу эткен үн чыгаруу. *Дуулдаган шамалга телефон зымдары зыңылдап, лампочкалар чайпалат* («Ала-Тоо»). *Шашпардын үйүнөн күлкү аралаш дуулдаган үндөр чыгат* (Жантөшев). Шаттыкка бөлөнүү, шандануу, дуулоо. *Эркинче элим дуулдаган, Эмки турмуш сонун да* (Осмонкул). 2. Алоолонуп, дүрүлдөп күйгөн оттун күүлдөгөнү сыяктуу дабыш чыгуу, дүркүрөп күчөө. *От көрүк баскан сайын дуулдап, көк жашыл жалын барган сайын күчөйт* (Байтемиров). *От мурдагыдан бетер дуулдап күйүп, мештин боору жалынга айланып бараткансыйт* (Байтемиров). 3. Зуулдоо, зымыроо, катуу жүрүү. *Дуулдап калаага кирдик* (Каралаев). *Өткөөлдүн ичин жаңыртып өрт өчүрүүчү отряд дуулдап жетип келди* (Сасыкбаев). 4. Кандайдыр бир таасирден улам ачышып же ысып чыгуу, катуу дүүлүгүү. *Ашымдын оозунун ичи дуулдап, көзүнөн жаш мөлтмөлт тоголонду* (Сыдыкбеков).

**ДУУЛДАТ дуулда** этишинин аркылуу мамилеси. *Көңканадан көң алып келе коюп, дуулдатып отту жагып жиберди* (Байтемиров).

**ДУУЛДОО дуулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУУЛОО дуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ДУУТАР** *туурасы:* **дутар.**

**ДУУШАР** Туш келүүчүлүк, кез келгендик. *Бөйрөктөн дуушар келип, мерген атып, Кулдуюп курган кайып өлүп жатты* (Токомбаев). *Добулдуу өшөргө дуушар келдик* (Токомбаев).

**ДУУШАРЛАН** Туш келүү, кабылуу, дуушар болуу.

**ДУУШАРЛАНУУ дуушарлан** этишинин кыймыл атоочу. *Сар санаа болуу, күйүткө дуушарлануу, жапа чегүү ооруну пайда кылууга шарт түзөт* («Ден соолук»).

**ДУХИ** Парфюмердик каражат катарында колдонулуучу спирт эритмесиндеги күчтүү жыпар жыттуу атыр.

**ДУХОВКА** 1. Ичине нан жана башка тамактарды бышыруу, үйдү жылытуу үчүн мештин капталына орнотулган каңылтыр куту. 2. Ичине нан азыктарын, ж.б. өз буусуна бышуучу тамактарды салып, тапка бышырууга ылайыкталган, ток менен иштөөчү үй буюму.

**ДУХОВОЙ ОРКЕСТР** Көбүнчө үйлөп ойнолуучу музыкалык аспаптардан түзүлгөн оркестр. *Мектептин өзүнүн духовой оркестри бар* («Кыргызстан аялдары»).

**ДУШ** 1. Жуунганда суу себелеп тургандай кылып жасалган жасалга, суу сепкич. *Бул цехте жумуш бүткөндөн кийин жуунуп алчу душу да жок* («Кыргызстан аялдары»). 2. Денеге сууну чачырата сээп таасир кылуу жолу менен жүргүзүлүүчү гигиеналык жана дарылоо максатындагы сууга түшүү процедурасы. *Ысык душ. Муздак душ. Ревматизм оорусу бар балдар жылуу душтан пайдаланганы жакшы* («Ден соолук»).

**ДУШМАН** Кастык мамиледеги адам, касташкан тарап, жоо. *Согуш отун тутанткан, Душманга жетсин убалым* (Сасыкбаев). *Эгер мен сенин досуң эмес душманың болсом, ушу жерден сени моминтип түртүп жиберер элем* (Байтемиров). *Этекти кессең тон болбойт, Эзелки душман эл болбойт* (Калыгул).

**ДУШМАН КОЛДУУ БОЛУУ** *к.* **киши колдуу болуу.**

**ДУШМАН КӨЗҮНӨ** *к.* **эл көзүнө.**

**ДУШМАНДАШ** Касташуу, жоолашуу, бири-бири менен кас болуу, бири-бирине карата жамандык иштерди жүргүзүү. *Душмандашып жүргөнчө, Аныктап көөнү агарсын* («Курманбек»).

**ДУШМАНДАШТЫР душмандаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДУШМАНДАШУУ душмандаш** этишинин кыймыл атоочу. *Бирөө менен жакындашуу, душмандашуу Даниярга жат өңдүү* (Айтматов).

**ДУШМАНДЫК** Кастык, жоо болгондук, зыян келтирүү жагына, жамандыкка алып баруучу аракеттер. *Душмандык кылдың далайга* («Манас»).

**ДУШМАНДЫН КӨӨЛҮСҮНӨ СУУ ЖҮГҮРТҮҮ** Бирөөнүн чырагына май тамызуу, ишинин оңолушуна, алга жылышына, макса-

тына жетишине жардам берүү.

**ДУШМАНЧЫЛЫК** *сүйл.* Душмандык. *Душманчылык менен болгон иш.*

**ДУЭЛЬ** Бири ыза кылып, экинчиси ыза болуудан улам касташкан эки адамдын бири-бири менен алдын ала белгиленип коюлган шарттарга ылайык жекеме-жеке атышуусу, эрөөл. *Дуэлге чакыруу. Дуэлде жарадар болуу. Дуэлде өлтүрүү.*

**ДУЭТ** 1. Эки аспап менен же эки үндө ар бири өз алдынча партия менен аткарууга ылайыкталып жазылган музыкалык чыгарма. 2. Музыкалык чыгарманын эки үн же эки аспап менен аткарылышы.

**ДҮБҮР** Басканда, жүгүргөндө дабырттап, түрсүлдөп чыккан күңүрт дабыш, дүбүрт. *Дүбүрү жерди ойготот, Данканы чаңды ойнотот* (Токомбаев).

**ДҮБҮРӨ** 1. Дабыр-дүбүр этүү, дүбүрттөгөн дабыш чыгуу. *Үй ичи азыр эгиз улагын секиртип эчки киргендей дүбүрөдү* (Сыдыкбеков). 2. Дүрбөө, тополоң түшүү, топурап дурбөлөңдөө. *Ырчынын баары дүбүрөп, Ээрчиптир Токо өзүңдү* (Тоголок Молдо).

**ДҮБҮРӨӨ** **дүбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮБҮРӨТ** **дүбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮБҮРТ** Басуудан түрсүлдөй чыккан үн, дабырттап, дүп-дүп этип чыккан дабыш, дүбүр. *Аңгыча болбой арт жактан дүбүрт угулуп, элүү башынын чаңырган ачуу үнү чыкты* (Абдукаримов). *Бир маалда сырттан аттын дүбүртү угулду* (Каимов). *Дүбүртү да Гүлсараттын таш жарып, Айтматовдун өзү чыгып бай-геде* (Акматалиев).

**ДҮБҮРТТӨ** Түрсүлдөгөн, дүп-дүп эткен дабыш чыгуу, дүбүрөө. *Каныбектин батыш тарабынан дүбүрттөгөн жалгыз аттын дабышы чыкты* (Жантөшев).

**ДҮБҮРТТӨӨ** **дүбүрттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮГДҮЙ** 1. Кабак бүркөп, дүңкүйүп кыр көрсөтүү. *Барман сыртынан шек алдырбай дүгдүйүп койду* (Сыдыкбеков). 2. Калың, бараандуу көрүнүү, дүкүйгөн, караандуу көрүнүштө болуу. *Жер бетин бербей көк жашыл тартып дүгдүйгөн калың токой, агын суулар* (Баялинов).

**ДҮГДҮЙТ** **дүгдүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮГДҮЙҮҮ** **дүгдүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮГДҮҢ:** **дүгдүң-дүгдүң** Дүгдүйгөн көрүнүштөгү адамдын же башка нерселердин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Дүгдүң-дүгдүң жүгүрүү.*

**ДҮГДҮҢДӨ** Дүгдүң-дүгдүң этүү, дүгдүңдаган кыймыл-аракетте болуу. *Кемпир башын жерден албай дүгдүңдөп баратты* (Бектенов). *Ылай ташыйт дүгдүңдөп, Билгизип көпкө тилегин* (Турусбеков).

**ДҮГДҮҢДӨӨ** **дүгдүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮГДҮҢДӨТ** **дүгдүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮГДҮРӨЙ** Дөмпөк-дөмпөк болгон жыш, дүпүйгөн көрүнүштө болуу, дүкүйгөн бараандуу көрүнүштө болуу. *Тээтиги чыгыш жакта дүгдүрөйүп кара бак жатат* (Байтемиров).

**ДҮГДҮРӨЙТ** **дүгдүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮГҮНӨ** Бир учук жип, ийнеге сапталган жиптин учу.

**ДҮЙНӨ** 1. Бүт жер жүзү, аалам. *Аңдасаң – дүйнө бекерсиң, Ал дагы колдон кетерин* (Коргол).

**ДҮЙНӨ АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ** Бырын-чырын болуу, быт-чыты чыгуу, ызы-чуу түшүү. *Дүйшөнкулдун көз алдында дүйнө астын-үстүн болот* (Осмоналиев). *Дүйнө астын-үстүн болуп, жер көчүп бараткансып кулак-башы чуулдайт* (Айтматов). **В.: Дүйнө астын-үстүн түшүү.** *Мындан башкача болууга да тийиш эмес эле, андай болгондо дүйнө астын-үстүн түшүп, аңтарылып кетмек.*

**ДҮЙНӨ КАПАР** Эчтеме менен иши жок, эчтемени ойлобогон, эч нерсени капарына, көңүлүнө албай жүрө берген. *Балдар дүйнө капар ойноп жүрүшөт* («Ден соолук»). *Дүйнө капар көңүл бош* (Элебаев). **В.: Дүнүйө капар.** *Сен да бир дүнүйө капар адамдын сөзүн сүйлөп коймоюң бар экен* («Ала-Тоо»).

**ДҮЙНӨ ТААНЫМ** Турмуш акыйкатына карата мамилени аныктоочу көз караштардын, ынанымдардын системасы. *Диний дүйнө таанЫм. Илимий дүйнө таанЫм. Ооба, «Ала-Тоо» аянтына кыргыздын байыртадан келаткан дүйнө таанымын көрсөтө турган элестүү чыгармалар керек болчу (Кадыралиев).*

**ДҮЙНӨДӨН КАЙТУУ** Өлүү, каза болуу, көз жумуу. *Энең болсо былтыр ушул маалда дүйнөдөн кайткан* (Сасыкбаев). *Ал дүйнөдөн кайткандан бери бул көнүмүш Шааркандын турмушуна жаңыдан пайда болду* (Мавлянов). *Отуз эки жашыңда өтүп кетти дүйнөдөн* (Тоголок Молдо). **В.: Дүйнөдөн жүз үйрүү.** *Жазмыш ошол белем, кайран Домбу бул дүйнөдөн жүз үйрүп бизди таштап кетти* (Касымбеков). **Дүйнөдөн өтүү.** *Бир элге «датка айым» атанган, токсон алты жыл өмүр сүргөн кадырлуу Курманжан дүйнөдөн өткөнүн айткан биринчи кабар уездин акими Авров төрөгө жөнөтүлдү* (Касымбеков). *Бейли жумшак кебезден, Бул дагы өттү дүйнөдөн* (Токтогул). *Дүйнөдөн нечен түркүн жандар өткөн, Кылычынан кан тамган хандар өткөн.*

**ДҮЙНӨДӨН ТАК ӨТҮҮ** 1. Эч кандай жаман ишке барбай, күнөөлүү иш жасабай таза өтүү. 2. Үйлөнбөй, турмушка чыкпай өмүр сүрүү. *Жашы кыркка чыкса да эмгиче үйлөнбөдү, бул бала дүйнөдөн так өтөм деп жүрөбү* («Ала-Тоо»). *Чын эле дүйнөдөн так өтөмбү* (Каимов). **В.: Так өтүү.** *Өмүрүндө так өткөндөр жок дейсиңби* («Чалкан»).

**ДҮЙНӨКОР** *туурасы:* **дүнүйөкор.**

**ДҮЙНӨЛҮК** Бүт дүйнөгө, бүт жер жүзүнө таандык. *Биринчи дүйнөлүк согуш. Дүйнөлүк рекорд. Дүйнөлүк адабият.*

**ДҮЙНӨСҮ ТАРУУ** Заманасы куурулуу, айласы кетүү, амалын таппоо. *Көзү караңгылап, дүйнөсү тарыды, заманасы куурулду* (Айтматов).

**ДҮЙҮМ** Ар түрдүү, ар кандай, ар түркүн. *Базарларда алма, алча, коон, дарбыз алмурут, жүзүм сыяктуу дүйүм жемиштерге көзүң тоёт. Дүйүм гүлдүү, укмуш үйдүн талаасы, Бүткөн дартты бүгүн эле жойгондой* (Токомбаев).

**ДҮЙШӨМБҮ** Тыныгуудан, эс алуудан кийинки экинчи күн. Мусулмандардын жумалык календары боюнча тыныгуу күн жумадан кийин күн ишембиге тура келет. Аптанын күндөрү ошондон тартып катар саны боюнча эсептелет. Мусулман уламыш боюнча Алла таала дүйнөнү жаратып бүткөн убагы дүйшөмбүгө туура келгендиктен, бул күн ыйык деп эсептелет. *Дүйшөмбүнүн түнү экен* («Манас» С.О.).

**ДҮК: дүк-дүк, дүкү-дүкү, дүкө-дүк** Жүрөктүн түрсүлдөп катуу согушу сыяктуу же туяктын дүпүлдөй жерге тийгендей дүп-дүп эткен дабышын, үндү билдирүүдө колдонулат. *Бүткөн боюм дүрүлдөп, жүрөгүм дүк-дүк согуп турганын гана сездим* (Каралаев). *Сен паровоз жүрө бергин дүкө-дүк* (Турусбеков). *Эртеси Омор агай мени качан уялтар экен деп жүрөгүм дүкү-дүкү* (Каимов).

**ДҮКӨН** 1. Тамак-аш, кийим-кечек жана ар түрдүү буюмдар, товарлар сатылуучу жай, имарат. *Дүкөндөрдө чай батпай калыптыр* (Сыдыкбеков). *Биз Токмокко эрте кирдик, дүкөндөр соода менен кызып жаткан кези экен* (Токомбаев). 2. Устакана, уста узануучу жай. *Уста Ражаб, жолдошторy бети-колун аарчып дүкөндү жабышты* (Абдукаримов). 3. *өт.* Адамдар ортосундагы аңгеме, маек. *Айрым болгон окуяларды сүрөттөп айтышып, улам-дан улам сөз дүкөнүн кызытышты* (Жантөшев). *Курду дүкөн бир жолго* («Манас» С.О.).

**ДҮКӨН КУРУУ** Аңгемелешүү, эрмектешүү.

**ДҮКӨНЧҮ** Дүкөндөгү товарларды сатуучу адам, сатуучу. *Сыртынан куушура курчанып, дүкөнчү соода жүргүзүүгө киришти* (Убукеев). *Ал дүкөнчүлөргө сүлгүлүк, дасторкондук кезмалдан өлчөттү* (Баялинов).

**ДҮКӨНЧҮЛҮК** Дүкөнчүнүн кызматы, дүкөнчүнүн абалы.

**ДҮКӨРТ** 1. Жылкынын жал-куйругун күзөө үчүн колдонулуучу кайчыдан чоңураак атайын жабдык. *Шамдагай жигиттер чалма ыргытып, укурук салып, жал-куйругу күзөөлүүчү тай кунандарды, кызыр калган бээлерди кармап, нокто жүгөн катып, четке чыгара, колдоруна дүкөрт кайчы алган күзөөчүлөрдүн колуна берип жатышат* (Токтоналиев). 2. Мурут серпүү, тырмак алуу үчүн колдонулуучу кайчы. *Дүкөртүң бардыр жаныңда, Устараң бардыр койнуңда* («Манас»). *Бакисинен мурутту серпүүгө дүкөртү сонун тура* (Бейшеналиев).

**ДҮКӨРТТӨ** Дүкөрт менен кесүү, кыркуу. *Сербейип турат бир топ кыл, Дүкөрттөп койсун кашыңды* («Советтик Кыргызстан»).

**ДҮКӨРТТӨӨ дүкөрттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮКӨРТТӨТ дүкөрттө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮКҮЙ** Дүпүйүп калың көрүнүү, барпайып бараандуу көрүнүү. *Үйдүн бурч жагында дүкүйгөн көлөкөлүү тал* (Турусбеков). *Колхоз айлы магдырап, Дүкүйүп зор бак-дарак* (Элебаев).

**ДҮКҮЙТ дүкүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮКҮЙҮҮ дүкүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮКҮЛДӨ** Түрсүлдөп катуу согуу, дүк-дүк этүү, дүп-дүп этүү. *Менин да жүрөгүм дүкүлдөп, өзүмчө кубанам* («Ала-Тоо»). *Береги чоң кырмандан дүкүлдөп молотилка жүрдү* (Сыдыкбеков).

**ДҮКҮЛДӨК** Дүпүлдөгөн үн, дүк-дүк эткен дабыш. *Дүкүлдөк кулак түндүрүп, Жети мыкты балбанга Добулбасын үрдүрүп* («Манас»).

**ДҮКҮЛДӨӨ дүкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮКҮЛДӨТ дүкүлдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Электрдин күчү күзүндө чоң молотилканы дүкүлдөтөт* (Сыдыкбеков).

**ДҮЛӨЙ** 1. Кулагы укпаган, керең. *Эки дүлөй кошулса, Бир-бирине күлүшөт* (Токтогул). 2. *өт.* Тыптынч, жымжырт, тынч мемиреген абал. *Класс ичи бир азга жымжырт дүлөй боло түштү* (Бейшеналиев). *Үйдө эч ким жок. Кулак кескендей үй ичи дүлөй* (Байтемиров). 3. Жылкынын жүрөгүндө болуучу анча чоң эмес эт сыяктуу бөлүгү (элдик ишеним боюнча мындай бөлүктүн жоктугу жылкынын болжолсуз күлүктүгүн билдирет). *Жүрөгүндө дүлөй жок, Буудан чалыш мал экен* («Манас»). *Туягында тура жок, жүрөгүндө дүлөй жок* («Манас»).

**ДҮМ I** Нерсенин арткы бөлүгү, арт жагы, куйрук жагы, түп жагы, дүмбө. *Мылтыктын дүмү.*

**ДҮМ II** Сүр, айбат, каардуу түр. *Бет алдынан караса, Миң кишилик дүмү бар* («Мендирман»).

**ДҮМ БОЛУУ** Макул болуу, эл тарабынан колдоого алынуу. *Аттанып айкөл кан болуп, Айтканы элге дүм болуп* («Манас»).

**ДҮМБӨ I** *сейр.* Сүмбөнүн учу, сүмбө.

**ДҮМБӨ II** 1. Бир нерсенин дүмпүйгөн түбү, дүмбөгү, дүңгө. *Тиштин дүмбөсү. Чийдин дүмбөсү. Бир топ чийдин дүмбөсү кучак келип, башына турган бубактар салаңдап турат* (Элебаев). 2. *диал.* Койдун куйругу.

**ДҮМБӨК** Бир нерсенин дүмпүйгөн түбү, ордунда калган дөңгөсү. *Камка боорсокту тишинин дүмбөгү менен эптеп чайнап жатты* (Сыдыкбеков).

**ДҮМБҮЛ** 1. Эгиндин, мөмөнүн, ар кандай жемиштердин толук ката же бышып жетиле элек учуру. *Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл*

*тартып саргая баштаган* (Сыдыкбеков). *Анделектер дүмбүл болуп калды,– дедим* (Таштемиров). 2. Жүгөрүнүн даны ката элек, бирок бышырып жешке жарап калган сотосу. *Курсагыбыз чыт болуп отко көмгөн дүмбүлдү, Чатакташа бөлчү элек* (Токомбаев). *Баягыда дүмбүлдү менден талашып жечү эле го* (Айтматов). 3. *өт.* Такшала элек, көптү көрүп быша элек, али жетиле элек. *Тигилер да ушулардын жолун жолдоп, булардын айтканын иштеп жүргөн дүмбүл жаштар* (Абдукаримов).

**ДҮМБҮР** Түпкүр, алыс, көз жетпеген жер. *Дүмбүрдөн бери көрүнөт, Дүрбүдөн өткөн көз барбы* («Эл адабияты»).

**ДҮМБҮРЧӨК** **дүмүрчөк** менен бирдей.

**ДҮМӨК** 1. Коркутуу, жүрөк заада кылуу, опуза, кырсык, балаа, коркунучтуу абал. *Ай-ааламды бүй кылып, Журтка дүмөк, шум кылып, Эл кордогон зоруң ким* («Манас»). *Билеги жоон таш жүрөк, Душманга салган чоң дүмөк* («Манас»). *Басташып келген душманга, Майданда салат чоң дүмөк* (Тоголок Молдо). *Бүгүн башына дүмөк салалык* («Семетей» С.К.). *Кечээ, жесирине дүмөктү Сала келген эмеспи* («Семетей» С.К.). 2. Талашка түшкөн нерсе.

**ДҮМӨКТҮҮ** Коогаландуу, чуулгандуу, чырчатактуу. *Дүмөктүү үй. Дүмөктүү кабар. Түлкүсү бизден кутулбаса, Дүмөктүү болуп кайтабыз* («Манас»). *Дүмөктүү катын Айчүрөк Муну алам десең чынынды айт* («Манас»).

**ДҮМП** Дүңк этип анча ачык чыкпаган дабышты, көңдөй жерди басканда же бир нерсени ургулаганда чыккан сыяктуу күңүрт дабышты билдирүүдө колдонулат. *Дүмп дей түшүү. Дүмп эткизе бир коюу.*

**ДҮМПҮЙ** 1. Дүңкүйүп караандуу болуп көрүнүү, чоң, дүгдүрөйгөн көрүнүштө болуу. *Бет алдыда бактары дүмпүйүп мемиреп жаткан колхоздун кыштагы* (Баялинов). *Мынакей, тээ тиги калың бактуу дүмпүйгөн Токмок шаары* (Абдумомунов). 2. Бир аз жондонуп чыгып турган, дөмпөйгөн көрүнүштө болуу. *Ойдуңдун өйүздөгү ар кай жери, Дүмпүйөт үймөктөрдөй алда кандай* (Үмөталиев).

**ДҮМПҮЙТ** **дүмпүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮМПҮЙҮҮ** **дүмпүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮМПҮЛДӨ** Дүмп-дүмп этүү, дүңк-дүңк эткен туюк дабыш чыгуу.

**ДҮМПҮЛДӨК** Эки тарапка бөлүнүп, бир тарабындагылар жамынчынын астында жатып, экинчи тарабындагылар аларды чаап, кайтаруучуга карматпоого аракеттенип качып ойной турган оюн. *Дүмпүлдөк ойноп даң салып, Көп кызыкка баткан жер* («Сейтек»).

**ДҮМПҮЛДӨӨ** **дүмпүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮМПҮЛДӨТ** **дүмпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮМҮР** Кесилген дарактын, өсүмдүктүн же башка нерселердин ордунда калган тамырлуу түбү. *Торгойдой Токоң тынбастан, Токойдон каздым дүмүрдү* (Токтогул). *Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди* (Байтемиров). *Чалгы кыйган өсүмдүк өзөктөрүнүн дүмүрлөрү учтарын соройтот* (Сыдыкбеков).

**ДҮМҮРӨЙ** Дүмпүйүп караандуу көрүнүштө болуу. *Дүмүрөйгөн көп караан, Токойбу десем эл экен* («Манас»). *Көмүр шахтасы карарып, дүмүрөйүп туруучу* (Сасыкбаев).

**ДҮМҮРӨЙҮҮ** **дүмүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮМҮРӨҢДӨ** Эч нерсеге алагды болбой өзүнчө эле иштей берүү, дугдундап өз алдынча аракеттене берүү. *Жерди бөлүп бергендиктен, өзүнчө эле дүмүрөңдөп иштеп жаткан эле бала* (Таштемиров).

**ДҮМҮРӨҢДӨӨ** **дүмүрөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮМҮРӨҢДӨТ** **дүмүрөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮМҮРЧӨК** 1. Бир нерсенин дүмүрөйгөн тамыры, кичинекей дүмүрү. 2. *сүйл.* Квитанция, айрып алынуучу ар кандай квитанциялардын ээсинин колунда калуучу бөлүгү.

**ДҮНҮЙӨ** 1. Адам турмушуна керектүү болгон мүлк, байлык, байлыкты түзүүчү ар кандай нерселердин жалпы наамы, жыйындысы. *Колумда жок дүнүйө* (Токтогул). *Ыраңы жашыл, көк куржун, Дүнүйөсү көп куржун* («Эр Төштүк»). *Үй оокат, мал дүнүйө ойго кирбейт* (Үмөталиев). 2. *сүйл.* Дүйнө, жер жүзү. *Оо армандуу дүнүйө, уста өлсө не калар* (Арстанбек).

**ДҮНҮЙӨ КАПАР** Эчтеме менен иши жок, кабагым-кашым дебей жүрө берме. *Сен да бир дүнүйө капар адам экенсиң* («Ала-Тоо»). *Дүнүйө капар, эгил-тегил алпейим* (Кыдырмышев).

**ДҮНҮЙӨ ӨРТТӨНҮП БАРАТСА ДА** Кандай кыйынчылык болсо да, эң оор кырдаалга кабылса да, кыйынчылык башына түшсө да.

**ДҮНҮЙӨ САЛУУ** Ажалы жетүү, өлүү, бул дүйнөнү таштап кетүү. *Дүнүйө салды төрт киши* («Манас» С.О.).

**ДҮНҮЙӨ ТҮШҮНДӨ ЖОК** Эч капарсыз, эч нерсе оюнда жок. *Анда дүнүйө түшүндө жок, көпөлөк кууп ойноп жүргөн кези эле* («Кыргызстан маданияты»).

**ДҮНҮЙӨ ЧЕКЕСИНЕ БҮТҮҮ** Өтө жакын болуу, бооруна басуу, колдон чыгарбай тырмышуу. *Карыган сайын дүнүйө чекеге бүтөт тура, алар катуу болуп баратат* («Ала-Тоо»). **В.: Дүнүйө маңдайына бүтүү.**

**ДҮНҮЙӨКОР** Мал-мүлккө, байлыкка кызыккан, дүнүйөнү жакшы көргөн, ага көзү тойбогон, дүнүйө жыюуга кызыккан ач көз. *Ысакты ашкан эле дүнүйөкор деп ойлобойм* (Абдукаримов). *Менин колумдан келсе мына бу дүнүйөкор, ач көздөн бечара дунганды бошотуп алууга даяр элем* (Элебаев).

**ДҮНҮЙӨКОРЛУК** Дүнүйөгө кызыккандык, ага көзү тойбогондук, дүнүйө, байлык жыюуга берилген ач көздүк. *Дүнүйөкорлуктун даамын*

*татып калган кишилер үчүн уйку, арып-чарчоо деген кеппи* (Абдукаримов).

**ДҮНҮЙӨЛҮК** *туурасы:* **дүйнөлүк.**

**ДҮҢ I** 1. Атак, даңк, дуу болуп таралган даңаза. *Алыскы элге дүң кылган, Ашың менен жерге кир* (Токтогул). *Алга барат дүң менен* («Ала-Тоо»). *Кедейкандын хандыгы, Уруулуу элге дүң болду* («Кедейкан»). *Калайыктын баарысын, Дүңүм менен басамын* («Манас»). 2. Кеңири таралган, кабар, көпчүлүккө жайылып кеткен сөз. *Туткун солдаттарды айдап келе жатышат деген дүң чыгып, катын-бала бараktардан чыга топурашты* (Сасыкбаев).

**ДҮҢ II** Жалпы, бүт бойдон, чогуу, бүткүл. *Дүң түшүм. Дүң соода. Дүң букара көрбөдү, Дүнүйөнүн жыргалын* (Токтогул). *Дүң эсептегенде үч жыл ичинде аары чарбачылыгына жумшалган каражат жүз миң сомдон ашып кетти* («Чалкан»).

**ДҮҢ III дүңк** менен бирдей. *Дүң эткен дабыш. Дүң дей түшүү.*

**ДҮҢ IV даң** менен бирдей.

**ДҮҢ БАА** Өндүрүлгөн нерсени дүңүнөн сатуу жана сатып алуу баасы.

**ДҮҢГӨ** Тобу менен чыккан чийдин түп жагы. *Арыктын суу жырып кеткен жерине чийдин дүңгөсүн омуруп барып салышты* (Убукеев).

**ДҮҢГӨЛҮҮ** Дүңгөсү бар, дүңгөсү калың. *Деп айтып, Жунуш кетти алга жылып, Дүңгөлүү калың чийди калка кылып* (Токомбаев).

**ДҮҢГҮЛ** Учтанып же бутактанып жайылып кетпеген, дүмүрөйгөн. *Дүңгүл тыттардын жалбырактары саргарган* (Жантөшев).

**ДҮҢГҮР: дүңгүр-дүңгүр** Урулган барабандын үнүнө, көп жылкынын туягынан чыккан дүбүрткө окшоп кеткен күңүрт, туюк үндү, дабышты билдирүүдө колдонулат. *Дүңгүр-дүңгүр барабандар кагылды* («Ала-Тоо»).

**ДҮҢГҮРЛӨ дүңгүрө** менен бирдей. *Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп, Толкуган көлдөй шаңданып* (Маликов).

**ДҮҢГҮРӨ** 1. Дүңгүр-дүңгүр этүү, даңгырдүңгүр этүү, кош жаңырык болуу, жаңырыктоо. *Жер дүңгүрөп басылды, Жердин көбү казылды* («Манас»). *Барабан согуп күңгүрөп, Кагып добул дүңгүрөп* («Манас»). 2. Дуу-дуу болуу, атак-даңкы чыгуу, шаттануу. *Той бердим жоону кырып дүңгүрөдүм, Көңүлдөн чыгарбассың көпкө мени* (Үмөталиев).

**ДҮҢГҮРӨК** Дүңгүрөгөн дабыш. *Куттуктап гүлдүү жайды үстүдөгү, Кубантат салюттун зор дүңгүрөгү* (Осмонов).

**ДҮҢГҮРӨӨ дүңгүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮҢГҮРӨТ дүңгүрө** этишинин аркылуу мамилеси. *Калың мал жер дүңгүрөтүп шаанышөкөт менен козголду* (Сыдыкбеков).

**ДҮҢГҮРЧӨК** Насыбайдын кутусу, кисет. *Белиндеги дүңгүрчөк* («Семетей» С.К.).

**ДҮҢДҮҮ** Коркунуч туудурган, коркунучтуу, айбаттуу.

**ДҮҢК** Күрс эткен, түрс эткен кубаттуу туюк дабышты билдирүүдө колдонулат. *Дүңк деди, жерди чукуп асманга атты, Энтеңдеп каракчылар кайра качты* (Үмөталиев). *Күн суук, суунун боюндабыз, Жарылып дүңк-дүңк эткен сүрдүү дабыш* (Осмонов).

**ДҮҢК ДЕЙ ТҮШҮҮ** Бат эле жайылып кетүү, тез эле тарап кетүү (кабар, сөз ж.б.). *«Адыл менен Мааты Кашкарга качып кетиптир» деген сөз элдин башынан аягына дүңк дей түштү* (Жантөшев). **В.: Дүң дей түшүү.** *Атагы дүйнө жарып, ааламды экчеп, Дүң эткен Сегизинчи дивизия* (Осмонов).

**ДҮҢКҮЙ** Жондонгон, күрсүйгөн көрүнүштө болуу, дүпүйгөн бараандуу көрүнүштө болуу. *Тоонун кырлары балык жон тартып дүңкүйүп, анан борчуктуу чокуларга айланат* («Ала-Тоо»). *Дүңкүйүп жаткан шаары бар* («Манас»). *Дүңкүйүп токой карарат* («Мендирман»).

**ДҮҢКҮЛДӨ** 1. Дүңк-дүңк этүү. *Сокулап жүз миң киши таруу актап, Жаткандай жер дүңкүлдөп кулак тунат* (Үмөталиев). 2. *өт.* Атагы, кабары кеңири тароо, даңкы катуу таралуу. *Ала-Тоо асыл тукум уйларынын атагы дүңкүлдөп алда кайда тарады го* (Баялинов).

**ДҮҢКҮЛДӨӨ дүңкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮҢКҮЛДӨТ дүңкүлдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Чоң дөңгөчтү балта менен дүңкүлдөтүп, жара албай убара болду.*

**ДҮП** Бир нерсе жерге катуу согулгандай дүңк эте, түрс эте чыккан туюк дабышты билдирүүдө колдонулат. *Маша кошкон көп мылтык от койгондо күп этти, Жер чайкалып дүп этти* («Семетей»). *Кер бээ каксоо жерге туякты дүпдүп согот* (Сыдыкбеков). *Дөңгөлөгүң төп айланып дүпө-дүп* (Турусбеков). *Дүпө-дүпө бастыра келген Серкебайлар, дөңдө олтурган кишилерге салам айтышты* (Сыдыкбеков).

**ДҮПКҮР** Дүпүйгөн калың, дүгдүрөйгөн жыш (бадалдуу токой, топ-топ болуп өсүүчү өсдүктөр, камыш жөнүндө). *Жээктер дүпкүр-дүпкүр камыш, эрмен окшогон бирдемелер эрбеет* (Касымбеков). *Көзүмө дүпкүр-дүпкүр чийлер көрүнө калды* (Убукеев). *Түп-түп болуп калың чыккан дүпкүр чийлердин жашын сындырып, шамал гана жыланчасынан тигинден-мындан ызылдап ышкырат* (Айтматов).

**ДҮПӨЙҮЛ** *туурасы:* **түпөйүл.**

**ДҮПҮЙ** Калың тартып дүгдүрөйгөн көрүнүштө болуу, бараандуу күпүйгөн көрүнүштө болуу. *Четиндер чоң түп тартып үй ордундай жер ээлеп дүпүйүп шактуу* (Сыдыкбеков). *Кыштак болсо тоонун так түбүндө, куду шаар сыяктуу дүпүйүп турат* (Таштемиров). *Тээ маңдайындагы узун кыштактын бак-дарагы дүпүйөт* (Сыдыкбеков).

**ДҮПҮЙТ дүпүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Турпан талдын бутагын кертип-кертип, арыктын жээгине сайып койсоң болду, чырпыктарын дүпүйтүп көктөй берет* (Сыдыкбеков).

**ДҮПҮЛДӨ** 1. Дүкүлдөө, түрсүлдөө, дүп-дүп этүү. *Дүпүлдөп желе берген бул кандай ат*

(Жантөшев). *Сабхат жүрөгү дүпүлдөп токтоно албады* (Сасыкбаев). 2. Күпүлдөө, катуу-катуу сүйлөө, үнүн көтөрө чыгарып катуу сүйлөө. *Каарданып дүпүлдөп, Кабарып төрөң турганда* («Манас»). *Чүрөктөн коркуп, эр Кыяз Сүйлөмүш болот дүпүлдөп* («Манас»).

**ДҮПҮЛДӨК** Дүп-дүп эткен добуш.

**ДҮПҮЛДӨӨ дүпүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮПҮЛДӨТ дүпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Кубаныч дүпүлдөтүп жүрөктөрүн, Мылтыкты баатыр балдар санап жатты* (Токомбаев).

**ДҮПҮР: дүпүр-дүпүр** Дабырттаган, топураган дабышты билдирүүдө колдонулат. *Дүпүр-дүпүр дабыш. Дүпүр-дүпүр күчөдү. Улактын артындагылар дүпүр-дүпүр кача баштады* (Бейшеналиев).

**ДҮПҮРӨ** Топуроо, дабырттоо, дүбүрттөө, топураган дабыш чыгаруу. *Аттардын дүпүрөгөнү угулду* (Сасыкбаев). *Баары Түгөлдүн артынан дүпүрөп ээрчий баштады* (Бейшеналиев).

**ДҮПҮРӨӨ дүпүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮПҮРӨТ дүпүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮР I** 1. Оттун дүрт эте тез тутангандыгын, кыймыл-аракеттин күтпөгөн жерден бат же жапырт болушун билдирүүдө колдонулат. *Дүр этип от күйдү. Дүр этип кой козголду, эчки маарап* (Шүкүрбеков). 2. Дүркүрөгөн, күрүлдөгөн дабышты билдирүүдө колдонулат. *Аңгыча зоо жаңырып дүр-дүр этет* (Осмонов). *Кол чабуу дүр дей түшкөндө оюндагыларын унутушуп, алдындагы окутуучусун гана көрүшүп, ага ээрчий келишип, өз-өз ордун ээлешти* (Каимов). 3. Дүүлүккөн сезимдин пайда болушун билдирүүдө колдонулат. *Көзүн ачты, кайра жумду, учкан ой Тынчтык бербейт, дүр-дүр этет бүткөн бой* (Токомбаев). *Чегирткенин бүткөн бою дүр этип кетенчиктей берди* (Сыдыкбеков). *Бул ачуу ышкырык жолоочунун сезимин дүр эттирет* (Сыдыкбеков).

**ДҮР II** Кымбат баалуу асыл таш, берметтин бир түрү. *Алтын, күмүш, жакуттан, Асыл таштан дүр жакшы* (Тоголок Молдо). *Солкулдап баары таза кымбат дүрдөй, Тазалык таңындагы биздин заман* (Барпы).

**ДҮР-ДҮЙНӨ** Ар кандай баалуу буюмдар, сонун дүнүйө-мүлк, асыл байлыктар. *Дүрдүйнөсүн жайнатты, Кулайым бейбак ошондо* («Эр Төштүк»).

**ДҮРБӨ** Опур-топур болуп шашуу, топураган абалда болуу, тополоң түшүү. *Биз дүрбөп тышка чыктык* (Элебаев). *Таң агарып атканда, Кырк жигит дүрбөп жатканда, Карлыгач кетип калыптыр* («Эр Табылды»). *Эмне шумдук болду дегенсип айыл дүрбөп калышты* (Каимов).

**ДҮРБӨЛӨҢ** Тополоң, дүрбөп, опур-топур болгон абал, чуулган. *Элге дүрбөлөң салган – Бурма* (Сыдыкбеков). *Кыштакка катуу дүрбөлөң түштү* (Убукеев). *Кыштак ичи бүгүн бөтөнчө дүрбөлөңгө түшүп, ары-бери чапкылагандар көбөйүп кетти* (Байтемиров). *Ысымың сан жылкы дүрбөгөн, Аламан, Тополоң, Дүрбөлөң* (Бакиров).

**ДҮРБӨЛӨҢДӨ** Тополоң түшүү, опур-топур болуп шашуу, дүрбөлөңгө түшүү. *Деп Чыңгыштын сегиз уул, Дүрбөлөңдөйт калдастап* («Мендирман»).

**ДҮРБӨЛӨҢДӨӨ дүрбөлөңдө** этишинин кыймыл атоочу. *Коркунучтуу кабар угуп дүрбөлөңдөө. Курулай дүрбөлөңдөө.*

**ДҮРБӨЛӨҢДӨТ дүрбөлөңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Элди дүрбөлөңдөтүп чуулгандуу кабар айтуу.*

**ДҮРБӨЛӨҢДҮҮ** Дүрбөлөңгө түшүргөн, дүрбөлөң салган, жоболондуу. *Зарыл адамдардын баскан-турган кыймыл-аракеттеринен бир дүрбөлөңдүү окуя башталганын байкады* (Сыдыкбеков). *Айдайдын дүрбөлөңдүү каты бул экөөн да шаштырды* (Каимов).

**ДҮРБӨЛӨҢСҮЗ** Тынч, опур-топурсуз, тополоң түшпөгөн, жайынча дүрбөлөңү жок. *Эмгекчилер дүрбөлөңсүз таралсын, Уюмдардын тизмелери каралсын* (Токомбаев).

**ДҮРБӨЛӨҢЧҮ** Дүрбөлөң салуучу, тынчтыкты бузуучу. *Баягыда дүрбөлөңчү Деркембай деген айылга кабар салыптыр* (Сыдыкбеков).

**ДҮРБӨӨ дүрбө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮРБӨӨН** 1. Дүрбөлөң. *Артык кызык, Чоң дүрбөөн Бу көчүштү карасаң* («Сейтек»). 2. Тополоң түшүргөн чабуул, бүлгүн түшүргөн кол салуу. *Жылкыны алган Коңурга Жолборстор салган чоң дүрбөөн* («Манас»).

**ДҮРБӨТ дүрбө** этишинин аркылуу мамилеси. *Калк дүрбөтүп, эл жыйнап, Калың тойду кылды дейт* («Эр Төштүк»).

**ДҮРБҮ I** Алыс нерселерди жакын кылып көрсөтүүчү оптикалык прибор. *Каныбек бийик дөбөнүн башында дүрбү салып жалгыз* (Жантөшев). *Жалгыз көздүү дүрбүсүн жанынан сууруп алып үңүлүп карайт* (Бөкөнбаев). *Мен Веранын колундагы дүрбүнү алып, жогорку ярусту карап жатканда шам өчтү* (Шимеев).

**ДҮРБҮ II дүрбө** менен бирдей. *Бир чакта айыл дүрбүп, ат тартылып, Жөнөштү кыз алгандар жүк артынып* (Бөкөнбаев). *Эл трактордун артынан дүрбүп жөнөп калышты* (Айтматов).

**ДҮРГҮ** Дүрбөө, дүрбөлөң түшүү, жапырт жөнөө. *Вертолётконгондо баары дүргүп, ошону көздөй чуркашты* («Ала-Too»). *Койлор дүргүп, үйдү пааналап чокмороктошо түшүштү* (Бейшеналиев). *Кичине шыбыш чыкса, эликтер ушунчалык сак, дүргүгөн бойдон башка жакка оошуп кетет* (Таштемиров).

**ДҮРГҮТ дүргү** этишинин аркылуу мамилеси. *Жалпы баарын дүргүтүп, Бет алдында турганы* («Манас»). *Айдагым бар жылдыздарды дүргүтүп, Борсолоңдойт кызым менен бир күчүк* (Акималиев).

**ДҮРГҮҮ дүргү** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮРДАНА** Бир бүртүк асыл таш.

**ДҮРДҮГҮЙ** Күрсүйгөн, дүгдүйгөн. *Дүрдүгүй бүкүр тартып, далысы кең, Чыныккан чымыр дене эмгек менен* (Абдыраманов).

**ДҮРДҮГҮҮ дүрдүк** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮРДҮЙ** 1. Демейдегидей болбой көөп, жондонуп чыналгандай болуу, бодураюу, бүдүрөйүү. *Аары чаккан жери дүрдүйө түштү.* 2. *өт.* Ачуусу келүү, кабак-кашын бүркөп тултуюу, булкуюу. *Татыбек баласынын сөзүнө жооп айтпай дүрдүйүп эшикке чыкты* (Каимов).

**ДҮРДҮК** Жапырт дүргүү, жалпы дүрбөп жөнөө, күргүчтөй дүрбөө. *Мына бул жер – Эл дүрдүгүп качкан жер* (Турусбеков). *Отургандар дүрдүгүп сыртка бет алышты* (Бейшеналиев). *Ары жактан эчки чүчкүрүп, койлор дүрдүгө түштү* (Убукеев).

**ДҮРКҮН: дүркүн-дүркүн** *сейр.* Бөлүк-бөлүк, топ-топ. *Кызыл чоктуу көп ойрот, Дүркүн-дүркүн болду дейт* («Манас»).

**ДҮРКҮРӨӨ** 1. Дүрүлдөө, дүр-дүр этүү, күркүрөө. *Жер силкинип токтолду, Бузулгандай дүркүрөп* (Токомбаев). 2. Шатырата кол чапкандай дабыш чыгуу, дуулдаган абалда болуу. *Гүлжандын сөзүн дүркүрөгөн кол чабуулар кубаттап турду* (Токобаев). 3. Дене дүр дей түшүү, дүүлүккөн сезимде болуу. *Андрейдин денеси дүркүрөй түштү* (Байтемиров). *Алымкулдун бүткөн бою дүркүрөп, чекеси нымшый түштү* (Абдукаримов). 3. Өтө темпте болуу, жапырт тез өсүү, өркүндөө. *Байып алды дүркүрөп, «чоңдордун» туугaн уругу* («Агым»). *Чарбасы өсүп дүркүрөп, Тууган малдын төлү аман* (Тоголок Молдо).

**ДҮРКҮРӨӨ дүркүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮРКҮРӨТ дүркүрө** этишинин аркылуу мамилеси. *Аскерлер дүркүрөтө кол чабышты* (Жантөшев).

**ДҮРМӨК** Кол салуу, жаңжал, чатак.

**ДҮРМӨТ** 1. Атуу үчүн ылайыкталып, тиешелүү өлчөмдөгү ок дары кошулуп, атууга даярдалып коюлган ок, кубур. *Кайра дүрмөт салгыча, Мылтыкты бетке алгыча* («Эр Табылды»). *Каран калган Келтенин, Ичинде калды бир дүрмөт* («Манас»). *Ара жолго түшүшүп Жана дүрмөт салышты* («Манас»). 2. *өт.* Шык берүүчү кубат, демилге көтөрүүчү сезим, күч, кайрат. *Калыйчанын кызыңды акылдашпай бирөөгө убада бербе деп эскерткени, Токторго кошумча дүрмөт болду* (Абдукаримов). *Жазуучуга дүрмөт керек да* (Сыдыкбеков).

**ДҮРМӨТТӨ** Мылтыкты жана башка атылуучу куралдарды октоо, дүрмөт салуу, ок салып атууга даярдап коюу. *Бар, бириң Кара мергенге жеткиле, мылтыгын дүрмөттөп чыксын* (Токомбаев). *Мусабек бардеңкесин дүрмөттөй баштады* (Сасыкбаев).

**ДҮРМӨТТӨЛ дүрмөттө** этишинин өздүк мамилеси. *Катар-катар дүрмөттөлгөн, Кармап турган куралын* (Алыбаев).

**ДҮРМӨТТӨЛҮҮ** Октолгон, ичине ок салып, атууга даяр кылып койгон, ичинде огу бар, дүрмөттүү. *Колунда дүрмөттөлүү мылтыгын кармап, Кереч басып келди* (Жантөшев). *Чөнтөгүндөгү дүрмөттөлүү тапанчасын суурүп алды* (Жантөшев).

**ДҮРМӨТТӨӨ дүрмөттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮРМӨТТӨТ дүрмөттө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДҮРМӨТТҮҮ дүрмөттөлүү** менен бирдей. *Бир нече күчтүү колдор алкымдады, Дүрмөттүү ак бараңды аттырбады* (Үмөталиев).

**ДҮРС түрс** менен бирдей.

**ДҮРСҮЛДӨ түрсүлдө** менен бирдей.

**ДҮРТ** 1. Бир нерсеге от тийгенде тез тутанып кетишин, от алып кетишин билдирүүдө колдонулат. *Аманкул таягынын майланган учун отко тосо койду эле дүрт эте түштү* (Абдукаримов). 2. *өт.* От тийгендей күчтүү сезимдин таасири, чочуткандай капыстан болгон таасир. *Алыстан атын уккан Айдардын сезими Айшаны бир көргөндө эле дүрт этип от алып кеткендей болду* («Кыргызстан маданияты»).

**ДҮРҮЙӨ** Эки бети бирдей жибек кездеме. *Дүрүйөдөн көйнөгү, Башайы, макмал көрпөчө* («Эл адабияты»). *Көк дүрүйө көйнөгү, Сансан болуп бөлүнүп, Көзүнөн жашы төгүлүп* («Эр Төштүк»).

**ДҮРҮЛДӨ дүркүрө** менен бирдей. *Темир аяз тышта бороон күрүлдөп, Жылуу тамдын печи куйөт дүрүлдөп* (Шүкүрбеков). *Камалбектин бүткөн бою дүрүлдөп муздай түштү* (Жантөшев).

**ДҮҮ** Дуулдаган шандуулук, дуу, дүң. *Шаңы бар улуу дүүнүн арасында* (Турусбеков). *Акылдан бөлөк иниси, Дүүсүн басып комдонот* («Мендирман»).

**ДҮҮЛҮГҮҮ дүүлүк** этишинин кыймыл атоочу.

**ДҮҮЛҮК** 1. Ар кандай таасирге учуроонун натыйжасында денеде ачыштыргандай, тызылдаткандай, ысып чыккандай ж.б. сезим пайда болуу. *Шарип жылаңач эти дүүлүгүп ачырканганына кайыл* (Бейшеналиев). *Бүткөн бою дүүлүгүп, жүрөгү алып учат* (Жантөшев). 2. *өт.* Күүлдөп жапырт козголуу, күүлөнүү, дуу-дуу болуу, көтөрүлүү, күчөө. *Эл дүүлүксө деңиз каптагандай кыйын го* (Байтемиров). *Шахтёрлор дүүлүгүп, октолуп жандана түштү* (Сасыкбаев). *Кеч күздө шабырдын жекенине от жармашкандай айың дүүлүктү* (Сыдыкбеков).

**ДҮҮЛҮКТҮР дүүлүк** этишинин аркылуу

мамилеси. *Насыбай мергендин оозун дүүлүктүргөндөн башка көңүлдү көтөрүүчүдөй таасир берген жок* (Каимов).

**ДҮҮЛҮКТҮРГҮЧ** Дүүлүктүрө турган, дүүлүктүрүүчү, козгоочу, дүүлүгүүгө таасир берүүчү. *Сырткы дүүлүктүргүчтөр туштөрдүн түрдүүчө жаралышына таасирин тийгизет* («Ден соолук»).

**ДЫБЫР** Себелеген жаандын майда тамчыларынан чыккан сыяктуу басыңкы туюк дабышты билдирүүдө колдонулат. *Дыбыр-дыбыр жааган жаан.*

**ДЫБЫРА** Дыбыр-дыбыр этүү. *Күүгүм кире күн дыбырап жаап кирди* (Байтемиров).

**ДЫБЫРАТ дыбыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жаан бирде дыбыратып бир жума дегенде араң ачылды* (Бейшеналиев). *Өткүн жамгыр ат кулакты кандай дыбыратса, балдардын арасын ошондой күбүр-шыбыр аралады* (Сыдыкбеков).

**ДЫБЫРОО дыбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫБЫРТТА дыбыра** менен бирдей. *Билинер-билинбес жел аралаш күн дыбырттап турган* (Элебаев).

**ДЫБЫШ** Басыңкы туюк чыккан майда дабыш, акырын шыбырагандай же шырт эте чыккан сыяктуу басыңкы табыш. *Дыбыш чыкса кулак салып, Жолду байкап өтөбүз* (Үмөталиев). *Шырт эткен бир да дыбыш угузушпай, Барышат бул арада бир жан жоктой* (Үмөталиев).

**ДЫБЫШСЫЗ** Тыбышсыз, үнү жок, үнсүз.

**ДЫГДЫГЫЙ** Чымыр, багжагай (адам жөнүндө).

**ДЫГДЫЙ** Абдан толук болуу, ичтен толуп, абдан чыңалган абалда болуу, торсойгон көрүнүштө болуу. *Мыктынын шилиси күржүйүп, ийиндери дыгдыйып, булчуңдары буруят* (Касымбеков). *Кан Курманбек дыгдыйып, Жолборстой жатат мыкыйып* («Курманбек»).

**ДЫГДЫЙТ дыгдый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЫГДЫЮУ дыгдый** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫДААР** *туурасы:* **дидар.** *Дыдаары алптан бир башка.* («Семетей» С.К.).

**ДЫЙКАН** Негизинен эгин жана башка айыл чарба өсүмдүгүн эгүү, жерди иштетүү менен кесиптенген адам. *Айдаганы дыйкандын, Арпа менен ак буудай* (Тоголок Молдо). *Күжүрмөн күчтүү дыйканга, Жүрүп турган кош жакшы* (Токтогул). *Кедей, дыйкан жерден жейт, Кейитип манап, элден жейт* (Үмөталиев).

**ДЫЙКАН ЧАРБАСЫ** Айыл чарба продукциясын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатып өткөрүү менен алектенүүчү өзүнчө жеке жарандан, үй-бүлөдөн же адамдардын тобунан турган өз алдынча чарба.

**ДЫЙКАНДЫК** *сүйл.* Дыйкандын кесиби дыйканчылык. *Аштык айдап мал багып, Дыйкандыкка камындым* (Тоголок Молдо). *Дыйкандыктын белгиси, Эгиниңдең пайдалан* (Токтогул). *Дыйкандык кесип болгон Алымкулга* (Токомбаев).

**ДЫЙКАНЧЫЛЫК** Жер айдап эгин эгүү, багып өстүрүү, түшүмүн алуу жумуштары, жалпы эле айыл чарбасында иштөө кесиби, дыйкардын эмгеги. *Буурусун менен эккен дыйканчылыкта эмненин берекеси* (Убукеев). *Дыйканчылык көп болсо, Жердин гүлү ачылат* (Тоголок Молдо). *Акбар бирде малда болсо, бирде жакада дыйканчылыкка барат* (Убукеев).

**ДЫКАТ** 1. Капа, убайым, көңүл кайгысы. *Энем менен Акмарал дыкат болушпасын, атамы бир зарыл ишке жибергенмин* («Ала-Тоо»). 2. Көңүл койгон, жыйынтыктуу, тыкан. *Байбиче небере келинин кылган-эткенине дыкат байкоо салып төрдө отурган.* («Кыргызстан аялдары»).

**ДЫКАТТЫК** Көңүл коюучулук, көңүл бурган тыкандык, дит коюучулук. *Беркиси дыкаттык менен анын сөзүн тыңшоодо* (Мавлянов). *Полковник Акылбеков Ивановдун жасаган ар бир кыймылын дыкаттык менен байкап отурду* («Ала-Тоо»).

**ДЫЛДЫРА** Өтө эле жүүнү боштук кылуу, үлдүрөп, мыңкылдап сүйлөө же абдан бошон, араң жан аракетте болуу. *Келинчеги уйкусоонун ортосунда дылдырайт* (Сыдыкбеков). *Сөөгү сөпөт болуп дылдырап олтурган Атантай кары* (Сыдыкбеков).

**ДЫЛДЫРАК** Жүүнү бош, араң жан, үлдүрөк. *Дылдырак неме.*

**ДЫМ** Жымжырт, тымтырс болгон, дымыган тынчтык, жымжырт абал. *Күүгүм кире күн бата, элдин алды дым жата* («Манас»). *Балдар дым чыгарбай карашат* (Абдумомунов).

**ДЫМАК** 1. Бир нерсеге болгон күчтүү үмүттүү ой, дем кылган ниет, тилек. *Тиги кичинекей баланын дымагын көрдүңбү дегенсип, Алым Сатарга бурулду* (Таштемиров). 2. Көөдөн көтөрүүчүлүк, текеберлүү ой, менменсинүүчүлүк. *Дымак өрдө, ооз баатыр, тил текебер* (Сыдыкбеков). *Кыроодой эрип сиңип кеткенге окшойт, Баягы бакылдаган куру дымак* (Абдыраманов). *Жүгү үйдө болсо да, дымагы төөдө* (макал).

**ДЫМАКТУУ** Дымагы күчтүү, демдүү, көңүлү көтөрүңкү. *Өспүрүм балдар дымактуу, кыялкеч, ар нерсеге дилгир келет* («Ала-Тоо»). *Көзүм чайыттай ачылды. Турганда да сергек дымактуу турам.*

**ДЫМДАМА I** *диал.* Өрүктү күкүрттүн түтүнү менен ыштай турган жай. *Жүрү дымдаманы көрсөтөйүн.*

**ДЫМДАМА II** Тамактын түрү.

**ДЫМКЫЛ** Думуккандай, тумчуккандай абал. *Күн бүркөө. Жамгыр жаай тургансып, аба дымкыл тартып турат* (Абдукаримов).

**ДЫМУУ дымы** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫМЫ** Тынч, кыймылсыз абалда болуу, тымтырс жымжырттыкта болуу, көшүлгөн, тынчып басылган абалда болуу. *Балыкчынын шамалы дымып, көл көөшүп жаткан эле. Былк этпей дымып калды күздүн жели* (Абдыманов).

**ДЫМЫ ЧЫКПОО** 1. Ың-жыңы билинбей жок болуу, эч дайыны билинбөө. *Дымы чыкпай жоголуу. Алардын дымы чыкпайт. Мерген ...карагайдан түшүп келсе, Жезтумшук дымы чыкпай калыптыр* (Сыдыкбеков).

**ДЫМЫГУУ дымык** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫМЫК** Думугуу, думуккан абалга келүү. *Марат бир азга дымыккансып барып кайта мурункусунан ого бетер дүпүлдөй сокту* («Ала-Тоо»). *Ооруларга төтөн дымыгып аба жетишсиз* (Бейшеналиев).

**ДЫМЫКТЫР дымык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЫМЫН ЧЫГАРБОО** Эч кимге билгизбөө, дайынын чыгарбай жашырын, тымызын иштөө. *Баягылардын дымын чыгарган жок.*

**ДЫМЫТ дымы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЫНДЫЙ** Чыңалган, толук, дыңкыйган көрүнүштө болуу, дыгдыюу. *Коркпой кантип жалгыз жиберсин, деген сөздү бурчта турган дындыйган бир жигит айтты* (Байтемиров).

**ДЫҢ I** Мурун айдалбаган жер, мурда айдалбаган, бирок айдоого, эгин эгүүгө жарактуу жер, көп жылдар бою айдалбай куру жаткан жер. *Тракторум күчкө кел, Дыңды бузуп тиле бер* (Турусбеков). *Дыңды бузуп майдалап, үрөндү тегиз сепкиле* (Осмонкул).

**ДЫҢ II** Чымын-чиркейлердин зуулдаганындай же металлды урганда зыңылдай чыккан сыяктуу туюк жумшак дабышты ж.б. билдирүүдө колдонулат. *Ок кантсе да калпыс жаткан алакандай калайга тийип жатса керек, аны дың-дың сабалайт* (Сыдыкбеков).

**ДЫҢ ДЕБӨӨ** Эч кандай каршылык көрсөтпөө, каяша кылбай айтканына көнүү, дегениндей болуу, эч сөз кайырбоо. *Айтканына көнөлү, ыгына дың дебестен кирели* («Манас»). *Сакалдуулары макул болсо, калгандары дың дебейт. Сен жакшылап сүйлөш, – деп Какач түн катып аттанып кетти* («Ала-Тоо»). *Дың дебе! Ушундай карап турасың* (Токбаев).

**ДЫҢ СУУГАН УБАК** Кеч күз, күздүн суук тартып калган мезгили. *Дың сууган убакта мал кыштоого көчүрүлөт* («Кыргызстан маданияты»).

**ДЫҢГЫЛ** *сейр.* Тартынбаган, өткүр, тайманбаган. *Кырктын башы Кыргылы, Кылымды жеңген дыңгылы* («Манас»).

**ДЫҢГЫР** Зың-зың этип, кыңгырап үзүлө-үзүлө чыккан же кылдырттай басыңкыраак чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Букен байбиченин кулагына сөйкөнүн үлбүрөк күбөктөрү дыңгыр-дыңгыр этет* (Сыдыкбеков).

**ДЫҢГЫРА** Дыңгыр-дыңгыр этүү, дыңгыраган үн чыгаруу. *Комуз суусу бөксөргөн тегирмендин барасындай солгун тартып, үзүлүп-үзүлүп дыңгырай баштады* («Ала-Тоо»).

**ДЫҢДООК** *сейр.* Чыкый сөөгүнүн бир учу.

**ДЫҢКЫЙ** 1. Дыгдыйып толук көрүнүү, чың көрүнүштө болуу. *Дыңкыйып уктап жатат.* 2. Зыңкыйган, көөп катып калгандай көрүнүштө болуу. *Кыйласы өлгөн дыңкыйып* («Манас»). 3. Менменсинип тоотпогон кебетеде болуу, эч нерсени тоотпоо, капарына албоо, мурдун балта кеспөө. *Дыңкыйып жооп бербөө. Эй, сен эч кимди көзүңө илбей дыңкыйып эле калыптырсың да* («Чалкан»).

**ДЫҢКЫЛДА** Эч нерседен кам санабаган же тоотпогон капарсыз шайдоот абалда болуу, тың, бышык, чыйрак абалдагы көрүнүштө, аракетте болуу. *Дыңкылдап эч нерседен капарсыз жүрүү.*

**ДЫҢЫЛДА** 1. Дың-дың этүү, зыңылдагандай үн, дабыш чыгаруу. *Осмоналынын эки көзү дыңылдаган кашка чымында.* 2. Шалдырабай, бошоң болбой калыбына келүү, сергек болуп калуу, тыңып калуу, чыйрак, бышык болуу. *Инженер иним болсо кенде дыңылдап жүрөт* (Сасыкбаев).

**ДЫҢЫЛДАТ дыңылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Аскар бир убакта комузун алып, көпкө чейин дыңылдата күүлөдү* («Ала-Тоо»).

**ДЫР I: дыр-дыр** Дырылдаган, тыр-тыр эткен, дыркыраган дабышты, үндү билдирүүдө колдонулат. *Дыр-дыр этет, Ал эмне угулган* (Үмөталиев).

**ДЫР II** Чукулунан тез же жапырт болгон кыймыл-аракетти, жапырт үрккөндөй, дыргаяктап жөнөгөн кыймыл-аракетти, абалды билдирүүдө колдонулат. *Чабдар айгырдын үйүрү машинаны көрөр замат дыр берип, үрккөн бойдон бетке чыга качты. Аламан келген көп кошун, Кайра тартып дыр койду* («Манас»).

**ДЫР БЕРҮҮ** Шарт качып жөнөө, шарт жүрүп кетүү. *Адырыңан дыр берип, Аркаркулжа бөлүнүп* (Каралаев). *Кулжалар дыр берип качышты* (Осмоналиев). *Аз өтпөй чебичтер «жүр кетеличи» деген мааниде туура карай дыр беришти* (Айтматов). **В.: Дыр коюу.** *Бура тартып дыр койду, Сарала менен чу койду* («Манас»). *Түлкү таштан секирип, дыр койду* («Ала-Тоо»). *Атынын оозун коё берип, жолду жол дебей, камчы ура кыштакка дыр койду* (Жантөшев).

**ДЫРАМ** Күмүш тыйын, күмүш акча. *Бокмурун амыр кылгандыр, Андагы тенге дырамдар* («Манас»).

**ДЫРГАЯК** Дыр берген, дыргаяктаган кыймыл-аракет, дыр бере үрккөн же зы-

мырай жөнөгөн, сыйгалана катуу жылбышкан абал. *Ал экөө кулактарын тикчийтип эки жакты карап алышты да, энелерин көздөй дыргаяк салышты* (Абдумомунов). *Койлор дыргаяк аткан боюнча үйдү пааналай чокмороктошо түшүштү* (Бейшеналиев).

**ДЫРГАЯКТА** Катуу жүгүрүү, зымыроо, дыр коюу, күү менен катуу сыйгалануу, сүрдүккөн абалда болуу, атырылуу, дыргып жөнөө. *Кызыл музоо тура салып дыргаяктап дагы жөнөдү* (Байтемиров).

**ДЫРГАЯКТАТ дыргаякта** этишинин аркылуу мамилеси. *Омор кунажындарды дыргаяктатып, Күлжан көрсөткөн жылганы көздөй кубалап жөнөдү* (Байтемиров).

**ДЫРГАЯКТОО дыргаякта** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫРГУУ дыргы** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫРГЫ** Дыр коюу, удургуп, үркүп жапырт чуркоо, качуу. *Бир аздан кийин короодогу койлор дыргый түштү* (Каимов).

**ДЫРГЫТ дыргы** этишинин аркылуу мамилеси. *Куубайтал менен дыргытып, Куюндай чаңын бургутуп, Кудайназар келди эми* («Эр Табылды»).

**ДЫРДАЙ** Жылаңач, кийимсиз, үстүндө кийими жок. *Кийимин дырдай чечтирип, Жылаңачтап салышты* (Тоголок Молдо). *Арам томаяк, кызын дырдай узатат бекен,– дейт Салкын зааркана* (Сыдыкбеков).

**ДЫРДЫЙ** 1. Үйлөп койгон сыяктуу чыңалган көрүнүштө болуу, тырсыюу, дардаюу, чыңалуу. *Эркектер дырдыя түшкөн аттарга минишип айыл кыдыра чарба тиричиликте* (Сыдыкбеков). *Кайназар оозунан үйлөгөн чаначтай дырдыйып, колдору быртыйып турат* (Жантөшев). 2. *өт.* Менменсинип чиренүү, кекирейүү, дердейүү, көөп кетүү.

**ДЫРДЫЙТ дырдый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЫРДЫЮУ дырдый** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫРКЫРА** 1. Дыр-дыр эткен дабыш, үн чыгаруу, дырылдоо. *Трактор дыркырады, Дыркыраган мотордун үнү тынчтыкты бузду.* 2. Катуу жүрүү, аркыроо, зырылдоо, дыр коё качуу же жүгүрүү, дыргуу. *Койлор мылтык үнүнөн чочуп, дыркырап кайра качты* (Элебаев). *Дыркыраган шамалды күндүн нуру соруп алгандай тып басылды* (Байтемиров). *Жан соогалап канчасы, Качып жүрөт дыркырап* («Манас»).

**ДЫРКЫРАТ дыркыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Тракторду дыркыратып, Ырдай, иштей күлдүңөр* (Токомбаев).

**ДЫРКЫРОО дыркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЫРЫЛДА** 1. Дыр-дыр эткен дабыш чыгаруу, дыр-дыр этүү. *Бир кезде радио дырылдап, шуулдап калды* (Баялинов). *Токтой калып ойт берип, Ийнелик жүрөт дырылдап* (Жантөшев). ‖ Жаман-жакшы айтышуу, урушуу, кыжылдоо. *Түркөй чал дырылдап Орунтайдын кулагынын кужурун күнүгө ала баштады* (Бейшеналиев). 2. Катуу чуркоо, жүгүрүү, дыр коюу. *Дырылдап жүгүрүү.*

**ДЫРЫЛДАК** Ызылдап, дырылдап үн чыгаруу.

**ДЫРЫЛДАТ дырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ДЫРЫЛДОО дырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ДЭЭР** Акыл, эс, зээн, акыл жөндөмдүүлүгү. *Дээринде бар азаматтар бармактайынан сергек жана ышкылуу болуп, укканын жаза кетирбейт.* (Каимов). *Көкүрөгү тунук, дээринде бар балдар* (Сыдыкбеков).

**ДЭЭРИНДЕ ЖОК** Тегинде начар, ар жагында эч нерсеси жок, табиятынан шык, жөндөмдөн куржалак. *Дээринде жок болгондон кийин айткан менен пайдасыз.*

**ДЭЭРЛИК** 1. Деп айтарлык, деп айтышка болорлук. *Кулбашты кыштактагылардын бардыгы дээрлик урматташчу* (Абдукаримов). 2. Ар дайым, такай, дамаамат, толук деп айтарлык, бир аз жете бербеген өлчөмдө. *Дээрлик болуп туруучу окуялар. Керим сабакка дээрлик үзбөй катышты. Жүзүмдөр өтө чоң болуп кеткендиктен, короонун ичин дээрлик каптап турат* (Жантөшев).

**ДЮЙМ** 1. Чен системасындагы узундуктун үлүштүк бирдиги. 1Д.=1/12 фут = 0,0254 *м.* 2. Орустардын метр кабыл алынганга чейин колдонулган узундук бирдиги 1Д. = 1/ 12 фут = 2,54 *см. Он беш дюйм узундукта.*

**ДЮНА** Шамалдын таасиринен пайда болгон кум дөбөлөр. Чөлдөрдө, көл, деңиз, дарыя жээктеринде ж.б. жерлерде шамал учурган кумдун топ-топ болуп үйүлүшүнөн пайда болот.

**ДЮШЕС** Жемиши мол, ширин, таттуу, десерттик алмуруттун бир түрү.

# Е

**ЕВНУХ** Илгерки падышалардын, байлардын гаремдеринде кызмат кылган бычылган эркек малай.

**ЕВРАЗИЯ** Жарым шардын түштүк-батыш аймагындагы Европа менен Азиядан куралган эң чоң материк.

**ЕВРЕЙЛЕР** Биздин эранын I–II кылымдарына чейин Палестинада жашаган элдерден тараган, ар түрдүү өлкөлөрдө жашоочу элдердин аты.

**ЕВРО** Европа бирлигине мүчө болгон өлкөлөр тарабынан кабыл алынган бирдиктүү европалык акча бирдиги.

**ЕВРОВИДЕНИЕ** Европа өлкөлөрүндө телекомпаниялардын ортосунда телекөрсөтүүлөрдү алмашууну иш жүзүнө ашыруучу эл аралык уюм. Ошол каналда болуучу телекөрсөтүүлөр.

**ЕВРОПАЛЫК** 1. Европага таандык, европа элдерине тиешелүү. *Европалык өлкөлөр.* 2. Жер шарынын Европа континентинде жашоочу, Европа континентинин адамы.

**ЕВРОПЕОИД** *антроп.* Европеоиддик расанын өкүлү.

**ЕВРОПЕОИДДИК РАСА** Жумшак чачтуу, өңү ак же саргыл келип, бет түзүлүшү субагай ж. б. белгилери менен мүнөздөлүүчү адам баласынын негизги расалык тобунун бири.

**ЕВФЕМИЗМ** *туурасы:* **эвфемизм.**

**ЕГЕРЬ** 1. Аңчылык иштерин тейлөөчү жана ал жөнүндөгү закондордун туура аткарылышына көз салуучу профессионал мергенчи. 2. Кээ бир аскердеги атайын аткычтар тобунун (жөө же атчандар) жоокери.

**ЕГИПТОЛОГ** Байыркы Египетти изилдөөчү, Египтология боюнча адис.

**ЕГИПТОЛОГИЯ** Байыркы Египеттин тарыхын, экономикасын, тилин, искусствосун ж.б. изилдөөчү илимдердин жалпы жыйындысы.

**ЕНОТ** 1. Саргыч-күрөң түстөгү, жыгачка тырмышып чыгууга жөндөмдүү кичинекей жырткыч жаныбар. 2. Ушул жаныбардын жүнү калың, көбүнчө кийимге жака кылууга пайдаланылуучу териси.

**ЕПИСКОП** Христиан чиркөөсүндөгү жогорку диндик наам жана ушундай наамы бар адам.

**ЕРЕСЬ** Үстөмдүк кылган динге каршы келген окуу.

**ЕРЕТИК** Динге каршы чыккан адам.

**ЕФРЕЙТОР** Катардагы солдатка берилүүчү алгачкы аскердик наам жана ушундай наамы бар аскер. *Батальондун командири ефрейтор Асаналиевдин бөлүгүн оң флангага которууну туура тапты.*

**ЁЛКА** 1. Жайы-кышы көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу карагайдын бир түрү. 2. Жаңы жыл майрамына карата ар түрдүү оюнчуктар, ж. б. менен коозлолуучу балаты. *Жаңы жылды куттуктап Жарашкан ёлка жасайбыз* (Нуркамал).

# Ж

**Ж** *к.* **жэ.**

**ЖА ПИРИМ** О колдоочум!

**ЖАА I** 1. Дого сыяктуу ийилип, эки башы кайыш же жип менен кере тартылып, жебе менен атууга ылайыкталган курал. *Апам бүркүттү жаа менен тартып жиберди* (Токомбаев). *Кара чыйырчык көрсөңөр, Атпагыла жаа менен* (Осмонов). 2. *мат.* Айлананын же кандайдыр бир ийри сызыктын бөлүгү. *Жаанын ортосу аркылуу жүргүзүлгөн диаметр. 3. диал.* Аталгы.

**ЖАА II: жаа бербөө, ээ-жаа бербөө** Токтоо бербөө, улам күчөө, албууттануу, баш ийбөө, бир нерсеге моюн бербей жулунуп-жулкунуу. *Кары-жашка баа бербей, Кармашып сөзгө жаа бербей* («Саринжи-Бөкөй»). *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп, ээ-жаа бербей кетме жайы бар* (Абдыраманов).

**ЖАА III** 1. Жамгыр, кар, мөндүр түшүү. *Асман бүркөлүп, көнөктөп жамгыр жаап келди* (Сасыкбаев). *Быйыл – кыш эрте түшүп, кар калың жаады* (Убукеев). *Күн бузулуп, мөндүр жаайт, Сүрүнө анын кимдер даайт* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Абдан көп болуу, үстөккө-босток көп санда болуу, туш-туштан үстү-үстүнө кошулуу, көбөйүү. *Олтургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* (Жантөшев).

**ЖАА IV: жаа алда, жаа пирим** Оо, жараткан, оо кудай. *Үмүт кылып алмакка, Жаа алдалап бараткан* («Эл адабияты»).

**ЖАА БОЮ КАЧУУ** Жанына жолобоо, кандайдыр бир иш, маселе, сөз боюнча өзүнө жакын жолотпоо, уккусу келбөө, баш тартуу, ал иштен алыс болууга, байланышпоого аракет кылуу. *Чаргын кеп айттырган кыз жаа бою качып дирилдейт* (Сыдыкбеков). *Жалганчылыктан жаа бою качып, чындык, жумшак мүнөзгө чакырган акылман, келечекти кең ойлогон тегиз адам* (Бейшеналиев). *Жолдошторумдан карызга акча сурайын десем алар мени көргөндө жаа бою качышат.* **В.: Жаа бою секирүү.** *Чал жаа бою секирип, макулдугун бербей тоонун үстүнө тигилген жаш дарактарды аралай басты* (Борбиев). *Кемчилигибизди айтса жаа бою секирмей адатыбыз бар* (Сыдыкбеков).

**ЖААБАРС** 1. Жебедей сызган тездигинен улам мөңгү барсын ушундайча аташкан. 2.Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун «Тоолор кулаганда (Кызкайып)» романындагы баш жаныбар-каармандын ысымы. *Билгендер болсо аны түз эле Жаабарс дешет* (Айтматов).

**ЖААГЫ АЧЫЛУУ** 1. Токтолбой жаалданып, ээлигип сүйлөй берүү, жаагын жанып көп сүйлөө. *Батийнанын жаагы ачылып, бажылдап басымдуулук кылып бараткаңына Анархан ызаланса да жоошуп, тартына түштү* (Сыдыкбеков). *Кара катындын жаагы ачылып шаңшый баштады дегиче, иштин бүткөнү дешип, коңшулары акырын күңкүл кылып үйлөрүнө житип жок болушту* («Ала-Тоо»). **2.** Бир нерсеге көнүгүп, эргип, улам кызып сүйлөй, же ырдай баштоо. *Сиздин шарапатыңыз менен жаагым ачылып, анча-мынча ырчы аталгансыдым* (Бейшеналиев). *Кебин эркин баштап, ал оюндагысын айткан сайын жаагы ачылды* (Сыдыкбеков). 3. Айласыздан айтышып-талашууга көнүү, каяша сүйлөөнү көнүмүш кыла баштоо. *Кажый берсе аргасыздан жаагың ачылат экен да.* («Чалкан»). *Аялыңдын жаагы ачылып, ишиң куржун болгон экен дос* («Агым»). **В.: Оозу ачылуу.** *Жеңемдин оозу ачылып, каадасынча албууттана баштаганда байкем үндөбөй эшикке чыгып кетти* (Сыдыкбеков).

**ЖААГЫ ЖАП БОЛУУ** 1. Бир нерсеге такоол бере албай, кеп кайрып каяша айта албай, сүйлөй албай, унчукпай калуу (көбүнчө бирөөлөрдөн кагуу жеген, шагы сынган, же коркуп кооптонгон учурларда). *Түлкүбектин жогорку сөзүн угуп Ажар менен Каныбектин жаагы жап болгон* (Жантөшев). *Ар ким билгендерин айтып, башкарманын кылмыштарын чубай баштаганда, тиги кишинин жаагы жап болду* (Байтемиров). *Бир тууган бөлө деген сөз оозуңардан чыкпасын, – дегенде Шыгай гана эмес, үй-бүлөлөрүнүн да жаактары жап болгон* (Жантөшев). 2. Үнү угулбай басылып калуу, тынчып калуу. *Түнү бою кыйналып күрсүлдөп онтоп чыккан күнөөкөрдүн таңга жуук гана жаагы жап болду* (Сасыкбаев). *Бир азга чейин Мураттын жаагы жап болду* (Байтемиров).

**ЖААГЫ КАРЫШУУ** Ачкалыктан, оору алсыздыгынан сүйлөй албай, оозун ача албай калуу. *Жаалдуу өкүмдар жаагы карышып курчу кайткандай, түктүү бетин саксаң-саксаң эттирип өкүттө үнүн чыйылдатты* (Бейшеналиев).

**ЖААГЫ КАТУУ** Оозу катуу, ооздугун тарттырбаган, оңой менен баш бербеген (көбүнчө жылкыга карата), эпке келбеген. *Андан жаагы катуу бийиң да ийменет* (Сыдыкбеков). *Жаагы катуу кайчы.*

**ЖААГЫ КАТУУЛОО** Коркутканы, кысым көрсөткөнү күчөй баштоо. *Пишпектеги уезддин начальнигин бузган сенсиң, – деп жаагы катуулап баратканда, из жазгырып быякка жөнөгөнүн айтты Дооронкул* (Осмоналиев).

**ЖААГЫН АЙРУУ** 1. Жерине жеткире, каалашынча жеп-ичүү, абдан тоюнуу, карк болуу, ченемден ашык болуу. *Көрсөтүлгөн үйлөргө бөлүнгөн меймандар кымыздын жаагын айрышты* (Осмоналиев). *Жайы-кышы бирдей жоро бозонун, не шерине, үлүштүн жаагын айрышып сыйлашуу, бири-бирин жомоктошуу күчтүү* («Ала-Тоо»). 2. Абдан мыкты билүү, өтө чебер аткаруу, колунан келүү. *Ал ырдын жаагын айрыйт. Жаштар бийдин жаагын айырды.* 3. Катуу жазалоо, бирди көрсөтүү. *– Калыйча Эмилбекке акырайды да, анан Кулуну демитти, – жаагын айрыйсыңбы мунун, же жокпу?* (Осмоналиев).

**ЖААГЫН БАСУУ** 1. Унчукпай, сүйлөбөй калуу, басылып калуу, дым болуу. *Жакын келген Темирден уялып, жаагын басты* (Сыдыкбеков). *Мына, эми мен жаагымды бастым, бастым!* (Абдукаимов). *Неге жаагыңды баспайсың – деп чуу эттире алакан тартабы, же сыртка кууп чыгабы* (Бейшеналиев). 2. Унчуккус, сүйлөгүс кылып коюу, унчуктурбай салуу. *Жесирин каңкылдатпай жаагын баспайбы* (Сыдыкбеков). *Ал дагы колун акырын көтөрүп, Веранын жаагын басты* (Касымбеков). **В.: Жаагын жабуу.** *Күнү-түнү үнүн баспай боздогон шордуу жедеп шайы кеткенде жаагын жапты* («Ала-Тоо»). *Анысы куржунга колун салып, эки ууч күмүш акча менен келиндердин жаагын жапты* (Эшмамбетов). **Оозун жабуу.** *Акча берип оозун жапты* («Чалкан»).

**ЖААГЫН ЖАНУУ** 1. Меселдетип, безеленип көп сүйлөө, тынбай ырдоо, какшануу. *Эл жаагын жаныган чечен жигиттин сөзүнө эрип тыңшоодо* (Бейшеналиев). *Букен адатынча жаагын жаный баштады* (Сыдыкбеков). *Зулай алды менен аябай кыйыктанат, анан жаагын жанып бир ырдайт, тим эле күн-түнү менен ырдаса да түгөнбөйт* (Байтемиров). *Жаагыңды жанып ырдаткан Жанаалы барбы эсиңде?* (Токтогул). 2. Безилдеп тынбай ыйлоо (көбүнчө жаш балага карата). *Бешикке коёр элек таңып, Жадап ыйлар элең жаагыңды жанып* (Шүкүрбеков).

**ЖААГЫН ЖАП КЫЛУУ** Сүйлөтпөй, унчуктурбай коюу, тык токтотуу, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Кожон саал жанданайын деди эле, бирок чал бир ооз сөз менен, кылыч шилтегендей, анын жаагын жап кылды* (Абдыраманов). *Сыйыртмак салуудан айбыгып, жаагын жап кылуунун ыгын издешүүдө имиш* (Бейшеналиев). *Ошолордун жаагын жап кылабыз десеңер быяктан жумушчулардын делегатын чакырткыла* (Ашымбеков). **В.: Жаагын жап басуу.** *Кээде мага да тийишип алар эле, мен чукугандай эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап басып, кынына киргизип койчумун* (Жигитов). **Жаагын карыштыруу.** *Мунун жаагын карыштырбасам элеби, – деп ичинен кекенди.*

**ЖААГЫН ЫСЫТУУ** Жаакка катуу чабуу, жаакка чаап жазалап коюу. *Өзү катылган немени жаагын ысытып коёюн, – деп ачуусу келе түштү* («Чалкан»). *Анын жаагын ысытып, кичине окутуп кой, ашынып кетти.* **В.: Жаагын түлөтүү.** *Андай ээн баш балдардын жаагын түлөтүп коюш керек деп, ачуусу келе түштү* («Ала-Тоо»).

**ЖААГЫНАН ТҮГҮ ЧЫГУУ** 1. Абдан ачууланган, жаалданган, катуу каарданган абалда болуу. *Кар үстүндө отургандай сустайып, жаагынан түк чыгып, булчуң эттери кыймылга келди* (Медетов). *Ак саргыл жүзү да көгөрүп, жаактарынан түгү чыгып, миз бакпай отурат* (Борбиев). *Жаагынан түк чыгып, жалындап көздөн от чыгып* («Эр Табылды»). 2. Элтендеп чочулагандай, катуу корккондой болуп түктөйүп туруу. *Жаагынан түгү чыгып коркуп турган неме эми берки экөөн тиктеп жалдырады* (Медетов).

**ЖААГЫҢ СЫНГЫР!** Жаман көрүү, каргоо маанисинде. Какшанып көп сүйлөгөн кишиге, жаагын жанып ыксыз көп ыйлаган балага карата жактырбоо, тилдөө, тыйып коюу же суук кабар, суук сөз айткан кишини тилдөө маанисинде колдонулат. *Тим болбой ага, жаагың сынгыр!* (Абдыраманов). *– Атаа! Сазайыңды беремин! Эркекке асылганын кара, жаагың сынгыр, эркекче сөгүнүп* («Ала-Тоо»). *Канатым күн чалбаган каркырамды ушактап атасына кандай жаагың сынгыр айтты экен?* (Үмөталиев). **В.: Жаагың карышкыр!** *– Оо, жаагың карышкыр! Сага мен жакынмынбы, же ошолор жакынбы?* (Саатов).

**ЖААГЫҢА ЖЫЛАН УЯЛАГЫР!** Кандайдыр жагымсыз, өтө суук сөз айткан, тили заар кишиге карата каргоо, наалат айтуу, абдан наарazы болуп күйүнүү маанисинде колдонулат. *Жаагыңа жылан уялагыр! Өлө албай жатып мунун тилинин уусун кантесиң, Тарт тилиңди!* (Үмөталиев). *– Кой, кой, жаркыным, жаагына жылан уяласын ал шуудурактын, – деди чоң эне* (Укаев). **В.: Жаагыңа жылан жумурткалагыр!** *Жаагыңа жылан жумурткалагыр ай! Кандай кара оозуңа кан толгур айтты экен. Жалгызым ак жеринен күйдү го! – деп эне чебеленип боздоп жатты* («Ала-Тоо»).

**ЖААГЫҢА ТАШ** Жамандык, жаман кабар жөнүндө айтып жиберген кишиге карата «андай дебе», «антпе» деген мааниде чочуп кетип же кагуу иретинде айтылат. *Ок, жаагыңа таш. Кара жолтой! – деп тилдеген* (Сасыкбаев).

**ЖААГЫҢДЫ БАС** «Сүйлөбө», «унчук-

па», «үнүңдү чыгарба» деген сыяктуу кекетүү, тилдөө маанисинде колдонулат. – *Жаагыңды бас! – колундагы ачкычты Чыңгыска сунду* (Осмоналиев). **В.: Жаагыңды жап.** *Ал кабагын чытып, жини келип, жаагыңды жап! – деп жиберди* (Бөлөкбаев).

**ЖААДАЙ** 1. Жаа сыяктуу арык, иймейген. *Жаадай ичке жигит.* ‖ Субагай, ич жагы кабырыңкы (көбүнчө чабылуучу, таптаган жылкыга карата). *Жаадай кара ат астында Жакын келип калыптыр* («Манас»). ‖ Дого формасында, иймекей тарткан ийилиңки. *Кашы жаадай ийилген, Карчыгадай кажыбас* («Мендирман»). 2. Өтө тез, учкул, ылдам, атылгандай тез. *Бул кабарды укканда, Жаадай учуп ордунан, Айбанбозду минди эле* («Эр Төштүк»).

**ЖААДЫГА** Жүн кыркуучу кайчынын түрү, жуушаң. *Жаадыга туурап сөөгүңдү, Ун тарттырып жебесем!* («Эл адабияты»).

**ЖААДЫР жаа III** этишинин аркылуу мамилеси. *Пахтанын бардык аянттарында жаадырып сугаруу камсыз болду. Кууп келген солдаттар, Жаадырып окту камады* (Турусбеков). *Тымып калган аскерлер кайрадан ок жаадыра баштады.*

**ЖААЗ** *диал.* Желдик.

**ЖААК** 1. Адамдардын же айбандардын тиштери орногон астыңкы жана үстүнкү бет сөөктөрү. *Астыңкы жаак. Үстүнкү жаак.* ‖ Жалпы эле беттин оң жана сол жак бөлүгү, тарабы. *Чап жаак. Карыя сүзүлгөн көзүн ачып, жаагын сылап койду* (Токомбаев). 2. Жүгөндүн жана тизгиндин оозduктан башталган эки жак бөлүгү. *Тизгиндин жаагын тетири жолго ие тартып, жаңылып кетти.* 3. Түндүктүн ууктар сайылуучу тегерек алкагы. *Кулагы түндүк жаагындай, Көзү кызыл жалындай* (фольк.). 4. Кээ бир кесе турган же кыпчыта турган куралдардын каптал жак бөлүктөрү, эки жагы. *Кайчынын жаагы. Капкандын жаагы.* ‖ *Колунда болот жаак капкан экен, Олжого ошол адам баткан экен* (Үсөнбаев). Камчынын алаканы. *Кара жаак булдурсун Кармай калып имерди* («Эр Төштүк»).

**ЖААК БАСАР** 1. Анча-мынча ыраазы болгудай, шам-шум этип өзөк жалгагыдай бир аз тамак. *Эртеден кечке жанын жанга уруп, балдарга кичине жаак басар табуунун аракетинде* («Ала-Тоо»). 2. **Ооз басар** менен бирдей. *Жаак басар бербесең айтам, берсең үнчүкпайм.*

**ЖААК ӨЧТҮҮЛҮК** Тирешип, бири-биринен тилин тартпай айтыша берүүчүлүк. *Бул экөөнүн жаак өчтүүлүгүн коё кал, атырылып айтышкандай болушса, жанына киши чыдап тура албайт* (Айтматов).

**ЖААК ТЕРИСИ ТЫРЫШУУ** Кааргануу, түнөрүп ачуусу келүү. *Шволиктин жаак эти түйүлүп, улам-улам улутуна дем алып турду* (Ашымбеков). **В.: Жаак эти түйүлүү.** *Дал ушинтип аны уккан сайын көптөрүнүн жаак эттери түйүлүп турду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖААК ЭТИН ЖЕП** Какшанып, жаагын жанып көп сүйлөө, тажата сүйлөө. *Ар күнү жыйын курулуп, чечендер жаак этин жеп, ордонун намысын какшап жатышты* (Касымбеков). *Ал өрттөнүп бир жерге тынчып тура албай, туталанып, ар жоокеринин алдына барып, жаак этин жеп, бүт кошуунду чабуулга көтөрдү* (Касымбеков).

**ЖААККА ЧАПКАНДАЙ** *к.* **башка чапкандай.**

**ЖААКТА ЖОК** Сөзгө, ырга ж.б. чебер, абдан чечен экендигин билдирүүдө колдонулат. *Жаакта жок чечен. Жаакта жок кошокчу. Жаакта жок ырчы. – Балээ-э, мунуң жаакта жок ибилис тура* (Бейшеналиев). *Айнагүлүм жаакта жок чечен, жалтанбас жоокер тура өзү* (Сыдыкбеков). **В.: Жааттуда жок.** *Энеси жаактууда жок ырчы, кепкор, саал тартынчаак эле* (Ашымбеков). – *Токо, жаактууда жок деген сөз толук өзүңө ылайык* (Бейшеналиев). **Жаак жок.** *Ой, мунда жаак деген жок турбайбы деп, ыр угуп отургандар көпкө чейин дем тартпай созгон үнүнө таң беришти* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖААКТАШ** Бири-бирине каяша айтышуу, оозеки тартышып калуу. *Ботом мени менен жаакташкандай сен кайдагы неме элең – деди кемпир* (Элебаев). *Орозмат кайра жаакташабы деген коркунуч менен кайсалактады* (Айтматов).

**ЖААКТАШТЫР жаакташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖААКТАШУУ жаакташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖААКТУУ** 1. Жаагы узун. *Чаргын буту-колу тартайып узун, бети жайык, жаактуу жигит* (Сыдыкбеков). 3. Жаагы бар (курал жөнүндө). *Жардамчы уста колундагы жаактуу кычкач менен чоктогу чулу темирди бек чымчытып, кызартып дөшүгө койду* (Сыдыкбеков). 4. Тилдүү, сүйлөөк. *Бир топ жаактуу келин боло турган* (Сыдыкбеков).

**ЖААКТУУГА ЖАЙ БЕРБЕГЕН** Сөзгө алдырбаган, эч кимге сөз бербеген, сөздөн жыгылып көрбөгөн. *Жаактуугa жай бербеген, Жеңижок ырчыны кичинекейинде Аксыга куушкан* (Каимов). *Жаактуугa жай бербейт, Жайдак атка баш бербейт* (Осмонкул). *Энем ашкан албуут, жаактуугa жай бербеген карасур киши эле* (Жантөшев).

**ЖААЛ** Каар, ачуу. *Айдараалынын үлүрөйгөн көзүнөн жаалы чыгып, тиши кычырайт* (Абдукаримов). *Жаалы келип Табылды Кайра келди чаң салып* («Эр Табылды»).

**ЖААЛА** Бирөөнү кубаттоо же жемелөө маанисинде жабыла, жапырт сөз айтуу, кубаттоого же жемелөөгө жапырт кошулуп кетүү, көптөп кетүү. *Чогулгандар баланын*

*оюн түшүнгөндөй «барсын, барсын» дешип жаалашты* (Каимов). *Араң турган келиндер Акияны туш-туштан жаалады* (Сыдыкбеков).

**ЖААЛДАН** Каардануу, ачуулануу, жаалы келүү. *Көргөндүн бою дүркүрөп, Жаалданып Макел дөө Жазгы күндөй күркүрөп* («Манас»). *Шашпа, Абакирдин ким экенин сен али биле элек экенсиң! – деп жаалданды.*

**ЖААЛДАНУУ жаалдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖААЛДУУ** Ачуулуу, каардуу катаал. *Атамдын жаалдуу бети исиркектенип, кубарып отуруптур* (Касымбеков). *Жаалдуу суук кыш келди* (Осмонкул).

**ЖААЛДЫК** *туурасы:* **жаалду.** *Жаалдыгын салганы, Жарылып өлүп калганы* («Манас»).

**ЖААЛОО жаала** этишинин кыймыл атоочу. *Атай Жакып менен апасынын жаалоосуна зорго жибиди* (Бейшеналиев).

**ЖААЛУУ** Колунда жаасы бар, жаа менен куралданган.

**ЖААЛЫ БЕТИНЕ ЧЫГУУ** Аябай каардануу, аябай ачуусу келип, жинденүү. *Ачык турган сандыгын көргөндө жаалы бетине чыгып, көзү чамгарактап, маасыны бутнан жулуп алып, Бурма байкушту башка-көзгө сабап кирген экен* (Кушбаков). **В.: Жаалы көзүнө чыгуу.** *Жаалы көзүнө чыгып араң карманып: бириңерди бириңер сыйлабасаңар да атаңардын арбагын сыйлагыла – деп жекирип-жекирип салды* (Айтматов). *Эл топурап келген себепти угуп, хандын жаалы чыкты көзүнөн* (Айтматов).

**ЖААЛЫ КАТУУ** Аябай ачуулуу, катаал, айтканынан кайтпоочудай түрү бар. *Жаалы катуу жаш манаптардын атасы алдап өндүрчү эле* (Бейшеналиев). *Жаалы катуу Карагул, Бура тартып алганы, Бута бою барганы* («Манас»).

**ЖААМАТ** *туурасы:* **жамаат.**

**ЖААН I** Асмандан жааган суу тамчылары, жамгыр. *Жаан баягыдан бетер катуулап төгүп кирди* (Байтемиров).

**ЖААН II** *сейр.* Дүйнө, аалам, жер жүзү. *Жакыр да болсом мен өзүм, Жаандан чыккан жоргомун* (Токтогул). *Жаан кезген сен Төштүк, Балбандыгың чын экен* («Эр Төштүк»). *Жаанда мындай эрен аз, Жоолугу ашкан ченебей* («Эл адабияты»).

**ЖААН III** Жаангер, мыкты согушчан, көпчүлүккө таанымал, жеткен мыкты, көрүнүктүү чыгаан. *Жамандан жаан туулат адам айтса ишенгис* (макал). *Канчалык жаан балбан болсо дагы, Басамын суу сепкендей кыздын демин* («Эл адабияты»).

**ЖААН-ЧАЧЫН** Жамгыр же кар түрүндө жер бетине түшүүчү атмосфералык кубулуштун жыйындысы, жалпы аты. *Быйыл жаан-чачын болбогондуктан, чөптүн да мааниси жок* (Абдукаримов). *Киши күчү жетишпесе, жаан-чачында, айдын караңгысында болсо да иштейбиз!* (Сыдыкбеков).

**ЖААН-ЧАЧЫНДУУ** Жаан көп жааган, көп учурда күн бүркөк болуп, тез-тез жамгыр жаап, аба ырайы бузулуп турган, жаанчыл. *Радионун кабарына караганда келе жаткан жума жаан-чачындуу болот* (Каимов).

**ЖААНГЕР** *сейр.* Дүйнө жүзүн жеңип алуучу, каратып алуучу согушчан. *Жаанды кесип жүргөндөн, Жаангер болуп атанган* («Манас» С.О.).

**ЖААНДУУ** Жамгырдуу, жаан жаап турган, жаанчыл. *Динар өзүн жаандуу түндө капчыгайда жалгыз калгандай сезди* (Сыдыкбеков).

**ЖААННАМ** Тозок, тиги дүйнө. *Жардылык чиркин басса да, Жааннам отун чачса да* (Токомбаев). *Сен дегенде жааннамдан, да келермин, Салима* (Абдукаримов).

**ЖААНЧЫЛ** Жаан-чачындуу, жамгыр көп жааган. *Ошол жылкы күз абдан жаанчыл болбодубу* (Айтматов).

**ЖААП ЖАШЫРУУ** Маалымат, сыр, көбүнчө кылмыштуу, туура эмес иштерди башкаларга айтпай, көргөзбөй жашыруу, билдирбей коюунун амалын кылуу.

**ЖААРАЗАК** Белгисиз, күмөндүү. *Кел жээним, эми дагы качан менин колуман наар сызаарың жааразак, ичип кой* (Жусубалиев).

**ЖААСЫ КАТУУ жаалы катуу** менен бирдей. *Жеңемдин жаасы катуу. Кой жылалы* (Бейшеналиев). *Экөөнүн жаасынын катуулугуна карабастан, Тенти башын чайкады* (Бейшеналиев). *Бирок, ошонун баарынан булардын жаасы катуу экенин Теңирберген таасын билди* (Укаев). *Өңгөсүнөн да Нураимдин жаасы катуу го* (Бейшеналиев).

**ЖААСЫН** *дин.* Курандын 36-сүрөөсү. *Жаасын окуп жайлаган, Адамды жолдон алдаган* («Сейтек»).

**ЖААТ** 1. Бири-бирине каршы турган эки тарап, топ. *Бий, болуштардын бир максаты: жаат түзүп шайлоодо орун талашуу, даражага жетүү.* (Элебаев). *Эки черүү башталып, Аябай жаат курады* (Тоголок Молдо). ‖ Мелдеште, оюнда ж.б. өз ара бириккен адамдардын тобу. *Эки жаатка бөлүнүп ордо атышчу.* 2. Иштин, маселенин кандайдыр бир жагы, тарабы же жагдайы. *Шаарыңарда тамак жааты жакшы экен* («Чалкан»). *Даша жумуш жаатынан түк жаздым кылбаска, эскертүү албаска тырышты* (Сасыкбаев).

**ЖААТТАШ I** Жааты бирге, бир тараптан. *Жааттašын ээрчитип, Жапырт алып жүрдү дейт* (Үсөнбаев).

**ЖААТТАШ II** Жаат-жаатка, тууганчылыгы, уругу ж.б. боюнча бири-бирине каршы турган эки тарапка бөлүнүү, карама-каршы эки топко бөлүнүп, өз ара күрөш жүргүзүү. *Эки чоң манап жаатташып болуштук талашкан* (Калык). *Калбай түгөл келиптир Жаатташып түнөрүп* (Үсөнбаев).

**ЖААТТАШТЫР жаатташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖААТЧЫЛЫК** Бири-бирине каршы топторго бөлүнүүчүлүк. *Жаатчылык – элдин душманы.*

**ЖААЧЫ I** Жаа тартуучу киши, жааны мыкты тарткан адам. *Жазбай аткан жаачыдан, Өрттөн кайра тартпастан, Жоо дегенде барчудан* («Эр Төштүк»).

**ЖААЧЫ II** Чоң чегиртке түспөлүндөгү тарбагай ичке жандык, чегиртkенин бир түрү. *Жаачы баатыр түк коркпос, Көк айбанга саал окшош, Боорукерлүү жайы бар, Карлыгачка жан жолдош* (Осмонов).

**ЖААЧЫ III** Зодиак топ жылдызы.

**ЖААЧЫДАЙ** Жаадай өтө арык, арбайыптарбайган арык же колу-буту узун тарбагай. *Жаачыдай болуп арыктаган кызын көрүп энесинин зээни кейиди* (Байтемиров). *Сайышка чыккан кишинин Жаачыдай суук кебетесин капыдан көргөн баланын жүрөгү козголчудай* (Осмоналиев).

**ЖАБА САЛУУ** Күнөөнү, айыпты бирөөгө оодара салуу, бирөөгө шылтап чыга берүү. *Мунун амалдуусун кара, баарын мага жаба салгысы бар – деп ачуусу келип, тигини жакадан алды* («Ала-Тоо»). *Күнөөнүн баардыгын мага жаба салды.*

**ЖАБАГЫ I** Беш-алты айлык кулун (жазда туулуп, күзгө жеткен маалындагысы). *Жабагы жалын тараймын, Жылкымдын төлүн санаймын* (Маликов). *Жабагысы тай болду, Жалпы журту бай болду* («Мендирман»).

**ЖАБАГЫ II** Түлөп түшүүгө айланган жазгы даакы жүн. *Жонунан өөгүнө чейин узунунан кыркып, койдон жабагы жүнүн ажыратат* («Айыл чарба»). *Жабагы жүндөн арылып, Жетилди чобур туягы.*

**ЖАБАЛАКТА** Өтө көп болуп жайноо, жабыла каптоо, көп болуп көрүнүү, жапырт киришүү, жалпы катышуу. *Талааларда жабалактап, жайнап жүргөн дыйкандар* (Жантөшев). *Отургандар жабалактап эшикке чыгышты* (Токомбаев).

**ЖАБАЛАКТАТ жабалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАБАЛАКТОО жабалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБАН** Сандык, үкөк. *Сыртың бийик, сының түз, Сырдап койгон жабандай* (Эл ыры).

**ЖАБДАЛ** Түйшүк.

**ЖАБДУУ I** Курал, жабдык, шайман. *Шахталар жогорку өндүрүмдүү жабдуулар жана механизмдер менен толукталды. Аялдар консультациясы бардык керектүү жабдуулар менен камсыз болгон* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАБДУУ II жабды** этишинин кыймыл атоочу. *Ал дагы кошо келиптир, Жабдуuга жазгы айдоосун* (Үмөталиев).

**ЖАБДЫ** 1. Зарыл болгон нерселер менен камсыз кылуу, ар кандай тиешелүүлүгү бар курал-шаймандар, жасалгалар ж.б. менен толуктоо. *Беш миң калктын үйлөрүнө барып, аларды китеп менен жабдып турабыз* («Кыргызстан пионери»). 2. Жасалгалоо, кооздоо. *Барпы үйүн анчалык деле жабдыган эмес* (Байтемиров).

**ЖАБДЫК** 1. Ар кандай эмгек куралдары, шаймандар, аспаптар. *Сапар жабдыктарды жыйнап балдардан артта калды* (Сасыкбаев). *Бригадалар жабдыктарын көтөрүп, жумушка беталышты* (Сасыкбаев). // Үй жабуулары, көбүнчө боз үйгө керектелүүчү жабык баш, кереге чалгыч, тегирич ж.б. сыяктуу жасалгалар. *Үй жабдыктары мыкты чеберлердин колунан чыккандай келишкен.* ‖ Ат жабдуулары, ээртокум, жүгөн, куюшкан ж.б. сыяктуу ат жасалгалары. *Шарактап күмүш жабдык, минген жорго* (Токомбаев). *Көрктүү болсун баары деп, Күмүштөн жабдык салынган* («Курманбек»). 2. *сог.* Согуш куралдары, курал-жарак. *Жабдыгын алып шайланып, Жалындаган эр Сыргак* («Манас»).

**ЖАБДЫКСЫЗ** 1. Курал-жарагы жок, колунда куралы жок, курал-жарак менен камсыз кылынбаган. 2. Жасалгасыз, жасалгаланбаган, жабдылбаган, кооздолбогон.

**ЖАБДЫКТА** 1. Курал-жарак, шаймандар менен камсыз кылуу, жабдуу. 2. Жасалгалоо (көбүнчө атты). *Жабдыктап минсең жарышка, Алыс болжоп бачым кел* (Үсөнбаев). *Гүлдү бадам кызылды, Жабдыктап бир күн минди эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ЖАБДЫКТАЛ жабдыкта** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАБДЫКТАН жабдыкта** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАБДЫКТОО жабдыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБДЫКТУУ** 1. Курал-жарактуу, колунда курал-жарагы, шаймандары бар. *Бардыгы жабдыктуу, кылыч, мылтык асынышкан.* 2. Жабдылган, жасалгаланган. *Букен алдындагы күмүш жабдыктуу кара жоргону теминди* (Осмоналиев).

**ЖАБДЫЛ жабды** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАБДЫШ жабды** этишинин кош мамилеси.

**ЖАБУУ I** Бир нерсени көрсөтпөө ысыктан же суукtan сактоо максатында, жаанчачындан коргоо же кооздук үчүн үстүн жаап коюуга арналган буюм, жапкыч. *Жүк жабуу. Ат жабуу. Ар түрдүү түстөгү тордомо жабуулар кербенге эң салтанаттуу шаң берет* (Абдукаримов). ‖ Боз үйдүн тутуулары, жалпы эле боз үйгө жабылуучу кийиздер. *Жабуусу жаман кара үй, Жалгыздап четке конуптур* (Осмонкул).

**ЖАБУУ II жап** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБУУЛА** Кандайдыр бир нерселердин үстүнө жабуу салуу, жаап коюу. *Калгандарын үйүп-жыйып жаанга калтырбай жабуулагыла* (Убукеев). *Аттын ээрин алып, жабуулап отко коюп кой* (Жантөшев).

**ЖАБУУЛАН жабуула** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАБУУЛАТ жабуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАБУУЛУУ** Жабуусу бар, жабуу жабылган. *Жабуулуу катар кара минген, Жакшысы элге билинген* («Манас»).

**ЖАБУУЛУУ КАРА ИНГЕН** Аялдарды сыпаттоодогу илгертен келаткан туруктуу мүнөздөмө. Көтөрүмдүү, жакшылык-жамандыкка чыдамдуу, токтоо, текебери жок, баарына бирдей мамиле кыла билген кадырман, элге-журтка алымдуу. *Айымкан ургаачынын жабуулуу кара ингени, болуштун зайыбы болсо да боорукер, алгылыктуу мүнөзү менен элге жаккан наабаттуу байбиче* (Бейшеналиев). *Ыраматылык эжебиз Данакан зайып заттын ырыска шерик жабуулуу кара ингени болгон* (Сыдыкбеков).

**ЖАБЫГУУ жабык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫК I** Боз үйдүн үзүгү менен туурдугунун катталышып айкалышкан жери. *Жабыктардан шыкаалашып караштыы* (Үмөталиев). ‖ Керегелердин бүт тегерете уук менен бириккен жери *Жабык бойлогон карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, суусар ичиктер.*

**ЖАБЫК II** 1. Бек, ачык эмес, бекитилген. *Кебек барганда Сасыкбайдын эшиги жабык болучу* (Байтемиров). 2. Бир нерсе менен капталган, чүмбөттөлгөн, бүркөлгөн, туюкталган. *Үстү жабык машинага орнотулган көчмө кино аппараты жүрүп жатат* (Сасыкбаев). 3. Сырткары кишилер катышпаган, тар чөйрөдө өткөрүлгөн, ачык эмес. *Мурун искусствого кириш үчүн аялдарга жол жабык болгон.* 4. *өт.* Түнт, ачык-айрым эмес, оңой менен чечилбеген, мүнөзү оор. *Аялың оңой менен сүйлөбөгөн жабык мүнөздүү неме көрүнөт. Жакшы деле сүйлөшө алган жокпуз* («Ала-Тоо»). *Оюндагысын дароо ачып айта албаган жабык мүнөздүү кыз* (Жантөшев). *Жаркылдап жаш өңдөнүп кыз жандабай, Жабыгып уяң элем, жакшык эң бир* (Султанов).

**ЖАБЫК III** Жабыркоо, жапа тартуу, арыктоо, жүдөгөн, азган-тозгон абалга келүү, санааркоо. *Чал жабыгып, кабыргадай маталды* (Токомбаев). *Жаш кезекте жабыгып, Жыргал көрбөй зарладым* (Токтогул). *Кашыңда турсам кагылам, Көрбөсөм азга жабыгам. Жабыгып жүргөн жигитти, Жакырсың деп кордобо* (Токтогул).

**ЖАБЫК БАШ** Боз үйдүн ички жасалгасынын бир түрү. *Тегирич, жабык баш, тизгичтердин түрдүү оймо кыялдарын сүрөттөп болбойт* (Токомбаев). *Жабык башы саймалуу, Алты эли кундуз жээктүү* («Семетей»).

**ЖАБЫКТЫР жабык IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАБЫЛ I жап** этишинин туюк мамилеси. *Эшик ачылып, катуу жабылды* (Сыдыкбеков).

**ЖАБЫЛ II** 1. Бир ишке же бир багытка жапырт бет алуу, жапырт кирүү. Орокчулар жабыла кырманды көздөй басышты. 2. Тараалуу, чачырап тарай баштоо, жайылуу, каптоо. *Кычандын жүзүнө кызыл нур жабылды* (Бейшеналиев). 3. Чакчыл формада: жабыла. *м.* Жапырт, бүт бойдон, чогуу. *Жабыла чаап биз да чыктык кыр-кырга* (Жантөшев). *Малыңды жайлап болгон соң, Келгиле калбай жабыла* (Токтогул). *Жылкычылар жылкы үрккөн жакка жабыла чабышты* (Жантөшев).

**ЖАБЫЛТ жабыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Калың кара кошунуң, Аттантып алды жабылтып* («Эр Табылды»).

**ЖАБЫЛУУ I** 1. Кандайдыр бир нерсе менен жабылган, жабылып коюлган, чүмкөлгөн, жабууланган. *Аттарыңын баарысы Үртүк менен жабылуу* («Курманбек»). *Көкүлгө тумар тагылуу, Ок өтпөс жабуу жабылуу* («Манас»). 2. Бекитилген, жабык. *Магазин кечээтен бери жабылуу.*

**ЖАБЫЛУУ II жабыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫЛУУ АЯК ЖАБУУСУ МЕНЕН КАЛСЫН** Эч ким билбесин, билинбеген иш билинбеген бойдон кала берсин деген мааниде колдонулат. *«Жабылуу аяк жабуусу менен калсын» деп жаап-жашырыш колдон келбей, өзүнүн кадырман байбичеси айгак чыккан бай абдан ыза* (Сыдыкбеков). *Кой, ачууга жеңдирбе, тил алсаң бул жабылуу аяк жабуусу менен калсын* («Кыргызстан маданияты»). *Айлынан үч адамды сабап жибергендиги жөнүндө райондук газетага фельетон басылган. Бирок жабылуу аяк жабуусу менен калды* («Чалкан»). **В.: Жабылуу аяк жабылуу бойдон калуу.** *Тынч туруп калганда текшерүүчүлөр да шекшибей жабылуу аяк жабылуу бойдон калат беле?!* («Чалкан»). *Жабылуу аяк жабылуу бойдон калганы жакшы* (Медетов). **Жабылуу казан жабылуу бойдон калуу.** *Бирок, жабылуу казан жабылуу бойдон кала берди* (Жантөшев). **Жабылуу казан жабуусу менен калуу.** *Жабылуу казан жабуусу менен калсын, – деп жаап-жашыруу колдон келбей, өзүнүн кадырман байбичеси айгак чыкканга бай абдан ыза* (Сыдыкбеков).

**ЖАБЫР I** Зордук-зомбулук, кордук, кысымчылык, азап. *Өзгөчө айыл жаңырган Кутулуп эски жабырдан* (Турусбеков). *Сары оору болуп айдоодо, Тарттык далай жабырды* (Токтогул).

**ЖАБЫР II** *сейр.* Жыбыт жер, кичирээк кокту жер. *Асты жагы жабырдан, Ат кулактуу шабырдан* («Манас»).

**ЖАБЫР БАЯН** Эпос түшүнүгү боюнча жалпы эле азуулуулардын – жырткыч айбандардын эң күчтүүсү, коркунучтуусу катары түшүнүлгөн мифтик жандык. *Жабыр баян жандар бар* («Манас» С.О.).

**ЖАБЫРА** 1. Бабырап көп сүйлөө, жарыша сүйлөө. *Жамакчы жабырап Чотурдун алдына жетип келди* (Касымбеков). 2. Өтө көп болуп чыга баштоо, жайнап көрүнө баштоо, жамырап көбөйүп кетүү. *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жабырап чыга баштаган* (Сыдыкбеков). *Атаңдын көрү жел жетпес, Жабыраган жоо келди, Жеткен башка доо келди* («Сейтек»).

**ЖАБЫРАТ жабыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жаздын күнү сай боюна көктөтүп, Жабыратып козуларын төлдөтөт* (Осмонкул).

**ЖАБЫРДА жабырла** менен бирдей.

**ЖАБЫРКА** Азап чегүү, кордук көрүү, жапа тартып жүдөй түшүү, жабыр көрүү. *Жумаштын өңү мостоюп, жабыркай түштү* («Ала-Тоо»). *Жалчы болуп жабыркап, Байга жүрдүң кедейлер* (Тоголок Молдо).

**ЖАБЫРКАТ жабырка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАБЫРКОО жабырка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫРЛА** Бирөөнү кысымга алуу, бирөөгө кордук көрсөтүү, жабыр көрсөтүү.

**ЖАБЫРЛАН жабырла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАБЫРЛОО жабырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫРЛУУ** 1. Азаптуу, жапалуу, кордук көргөн. *Жаш башынан өткөрдү, Жабырлуу кыйын иштерди* (Осмонкул). 2. Каардуу, кыйын, кысымдуу. *Жабырлуу кыш.*

**ЖАБЫРЛЫК** Зордук, зомбулук, ырайымсыздык, кордук. *Манаптардан жабырлыкты зор көрүп* (Тоголок Молдо).

**ЖАБЫРОО жабыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫТ** Далдоо, калканч, кокту сыяктуу ылымта жер. *Абдан жакын келсин деп, Жабытта жатты токтолуп* («Эр Табылды»). *Жабытта жаткан береги, Чалкалмакты келип көр* («Эр Табылды»).

**ЖАБЫТТА** Калкалануу, кокту сыяктуу ылымта жерге жашырынуу, далдалануу. *Жабыттап жатып алганча, Жайлоону чалып келемин* («Эр Табылды»). *Бир жерде жалгыз атка үчтөн минип, Жабыттап жашынышат жарга кирип* (Токомбаев).

**ЖАБЫТТОО жабытта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАБЫШ I** 1. Бири-бири менен беттелишип, чапталышып калуу, эки зат бирбирине чыпташып калуу. *Омор таңдайына жабыша калган ысык картошканы араң жуткан* (Сыдыкбеков). *Мурун балдарынын көбү териси, сөөгүнө жабышып, куу далы деген ооруга жолугушчу* (Сыдыкбеков). // Кандайдыр бир нерсеге илешип калуу, жугуп же жармашып калуу. *Борошолуу кар бетке жабыша калып турган* (Сасыкбаев). *Акман сакалына жабышкан сүрүндүнү силкип койду да, инисине карады* (Сыдыкбеков). // Чалдыгуу, жолугуу, пайда болуу. *Энемдин бутуна кызыл жүгүрүк, өпкөсүнө учук жабышты* (Жантөшев). *Эки дарт мага жабышса, Канткенде тирүү калам деп* («Эр Табылды»). 2. Жармашуу, кандайдыр бир нерсени тырмышып кармоо. *Жаадай учуп барып, акыркы вагонго жабышты. Чал Чотурдун чылбырына жабышты* (Касымбеков). 3. *өт.* Кыянаттык кылуу, жамандоо, кастарын тигүү, каршылашуу ж.б. максаттарда бирөөнүн артынан түшүп алуу. *Элимден чыккан Керимбай Эзелден мага жабышты* (Токтогул). *– Дагы Түнкатар молдого жабыштыңбы?* (Жантөшев). // Суроосун, көздөгөнүн орундатуу, аягына чыгаруу максатында сая түшүп өтүнүү, бирөөгө карата өтүнүч кылуу. *Кызмат таап бергин деп, Жалдырап Ашым, жабышты* (Осмонкул). *Бал тилин салып балага, Келген экен жабышып* («Эр Табылды»).

**ЖАБЫШ II жап II** этишинин кош мамилеси.

**ЖАБЫШКАК** Чапталышып кала турган, жабышып калма, жукма. *Жабышкак заттар.*

**ЖАБЫШТЫР жабыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАБЫШУУ жабыш I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАВАЗА** *астр.* Кош жылдыз. 2. *түш.* Үчүнчү айдын аты. Май – июнь айына туура келет.

**ЖАВАН** *диал.* **жабан** менен бирдей. *Үйдүн ичи чакчелекей түшүп, андагы жавандар, сандыктар, кутулар аңтарыла баштады* (Абдукаримов). *– Тиги жавандын ичинде оромолуңуз болсо, ошону салынып алыңызчы,– деди Алымкул* (Абдукаримов). *Капшытка жаван орноткон, Карчыганын канаты, Ындыстандын манаты* («Эл адабияты»).

**ЖАГА** Шириден жасалган чоргосуз көнөк. *Алты жага, бир көөкөр, Суусунуна бердирди* (Эл ырлары).

**ЖАГА БЕРБЕЙ КАЛУУ** Ойдогудай, каалаганындай болуу, самаганындай боло түшүү. *Кайнаганын минтип жумшаганы айылдан эркин чыга албай турган Батийнага жага бербей калды* (Сыдыкбеков). *Көңүлдүү отуруш Шамбетке жага бербей калат* (Сыдыкбеков). *Серкебайдын минтип эл алдында беделинин түшүшү чоң айылдын аттуу-баштууларына жага бербей калды* (Сыдыкбеков).

**ЖАГААЛЫ** Жакасы тик тон. *Жагаалыңын жакасын, Ачып уккун деп айтат* (Дүйшеев).

**ЖАГАЛДАН** Көңүлү эргип көтөрүлүү, алчылануу, эргиген, көңүлү көтөрүңкү абалда болуу. *Мойнуна камчыларын иле салып, Балбандар эл аралап, жагалданып* (Маликов). *Бул сөзгө Кубат ого бетер жагалданды* (Жантөшев). Кубулжуу, кулпуруу, көркөм көрүнүү. *Күнгөй-тескей көркүн ачып кулпунуп, Жагалданат жашыл кымкап жамынып* (Осмонкул). *Жагалданып тоту куштай таранып* (Маликов). ‖ **жагын** менен бирдей. *Мен силерге кам көрүп жүрөм,– деди Капсалаң жагалданып* (Каимов).

**ЖАГАЛДАНТ** **жагалдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАГАЛДАНУУ** **жагалдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАГАЛМАЙ** Кыргыйдан кичине, турумтай сыяктуу алгыр куш. *Турумтай, жагалмайлар чар-чур этип, Зыпылдап алда кайдан учуп жетип* (Токомбаев).

**ЖАГАНА** // **ЖАГЫНА** Конокко күндүз берилүүчү тамак, жеңил тамак. *Олтуруп баласынын жанына, жагана эттен бергени* («Эл адабияты»). *Жалаң кылыч байланган, Жагана жеп чайланган* («Эл адабияты»).

**ЖАГДАЙ** Кандайдыр бир иштин жөн-жайы, ыңгайы, белгилүү бир учурдагы абал, кандайдыр бир абалга байланышкан шарт. *Иштин жагдайы кандай экенин Маманазар жакшы түшүндү* (Жантөшев). *Анын үстүнө азыркы жагдай кошумча сөз сүйлөөгө мажбур кылды* (Бейшеналиев). *Жоонун угуп жагдайын, Дагы илгери жүрүштү* («Мендирман»).

**ЖАГДАЙЛУУ** Ыңгайлуу, ылайыктуу, шарты бар. *Жасалгалуу мүлкүңдү, Жагдайлуу жерге салгансың* (Токтогул).

**ЖАГДАН** Сыртына булгаары капталып, мык менен коосдолуп кадалган сандык. *Ашыр апасынын жагданын ачтырды* (Сасыкбаев). *Баштык-үштүк жагдандын, Чечилип баары чачылды* (Жантөшев).

**ЖАГЕНЕ** Өсүмдүктүн арасын суюлтуу, анын артык баш бутактарын кесип таштоо, бириндетүү иштери. *Гозобуз текши өнүп чыгып, жагене иштери бүткүчө Токтор көз болуп жүргөн* (Абдукаримов).

**ЖАГЕНЕЛЕ** Өсүмдүктүн арасын суюлтуу, бириндетүү. *Пахтанын түбүн жумшарткан мен, жагенелеген мен, дүркүрөп бат өссүн деп сугарган мен* (Байтемиров).

**ЖАГЕНЕЛЕТ** **жагенеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАГЕНЕЛӨӨ** **жагенелөө** этишинин кыймыл атоочу. *Гозону жагенелөө.*

**ЖАГЖАГАЙ** Кымтыланбаган, топчуланбаган, төшү ачык.

**ЖАГЖАЙ** Жакасы топчуланбаган ачык кебетеде, көкүрөгү ачык жүрүү. *Көйнөгүнүн жакасы жагжайып төшү күнгө күйгөн* (Сасыкбаев).

**ЖАГЖАЙТ** **жагжай** этишинин аркылуу мамилеси. *Акмат төшүн жагжайтып ачып коюп, сур көзүн жүлжүңдөттү* (Байтемиров).

**ЖАГЖАК** Кекиртектин ылдыйраак жагы. *Жиптүү жүгөрү кекиртекти керип өтүп жагжакка жетти, ак короздун айласы кетти* (Касымбеков). // Жака. *Жагжактан алуу.*

**ЖАГЖАҢ: жагжаң-жагжаң** Жагжайып, төшү ачык жүргөн көрүнүштү, кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат. *Берегиде улам ачылып кеткен жакасын оңдоп коюп Жаманбай жагжаң-жагжаң чуркап келет* («Ала-Тоо»).

**ЖАГЖАҢДА** Жагжайып, төшү ачык, көкүрөгү кымтылбай жүрүү, жагжаң-жагжаң эткен көрүнүштө болуу. *Калың топто жагжаңдап, Сүйлөп турган Кудаке* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ЖАГЖАҢДАТ** **жагжаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАГЖАҢДОО** **жагжаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАГНИ** Башкача айтканда. *Жагни бул кызылды алты үлүшкө бөлөбүз. Албетте менден алган үрөнүңөрдү алды менен маңдайынан чыгарып коебуз* (Жантөшев).

**ЖАГОО** 1. Аңга, илбээсинге салынуучу куштун тумшугу менен үзөңгү боого жетпегенге мойнуна кийилүүчү ийнелери бар жыгач алкак. 2. Моюнга байланган жоолук, галстук.

**ЖАГЫЛ** **жак III** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАГЫМ** 1. Тамактын организмге сиңимдүүлүгү, жаккан касиети, жагымдуулук. *Эскирип кеткенде эттин да жагымы болбой калат* (Убукеев). 2. Сүйкүмдүүлүк, кулакка угумдуулук, көңүлдү өзүнө тартарлык касиет. *Жагымы артык киши. Жагымың жандан артыкча.*

**ЖАГЫМДУУ** 1. Сиңимдүү, аш болумдуу, жугумдуу, пайдалуу. *Бал жаш балдарга өтө жагымдуу* («Ден соолук»). *Бул жер малга жагымдуу дүйүм чөптөрү менен ар качан малчыларды дегдетет* (Каимов). 2. Сүйкүмдүү, уккулуктуу, адамды өзүнө тарта тургандай, ар кимдин көңүлүнө туура келе тургандай (сөз, ыр ж.б. жөнүндө). *Салкын жел денеге жагымдуу, көңүлгө сүйкүмдүү болуп турат* (Жантөшев). *Анын үнүчү? Жагымдуу* (Байтемиров).

**ЖАГЫМДУУЛУК** 1. Сиңимдүүлүк, жугумдуулук, жагыштуулук. 2. Сүйкүмдүүлүк, уккулуктуулук, көңүлгө туура келгендик.

**ЖАГЫМСЫЗ** 1. Жагымы жок, жакпай турган, сиңбей турган. *Мал жегис жагымсыз чөп. Жагымсыз тамак.* 2. Уккулуктуу эмес, сүйкүмсүз, көңүлгө туура келбеген, жакпаган. *Гавриловдун жагымсыз сөздөрү Дашанын кулагынын кырынан кетип жатты* (Сасыкбаев).

**ЖАГЫН** **I жак IV** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАГЫН II** Бирөөгө жакшы көрүнүүгө аракет кылуу, жасакерленүү, кошомат кылуу. *Чегиртке Чаргынга жагынып, кошоматтанып сүйлөсө, үнү бийигирээк, күлкүсү узагыраак чыгат* (Сыдыкбеков). *Кызыл кекиртек старчын да байдын тарабын талашып, жан алы калбай жагынып жатат* (Абдукаримов).

**ЖАГЫНА жагана** менен бирдей. *Жагынага кой союп.*

**ЖАГЫНУУ жагын II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАГЫШ I** *сейр.* Жагым, жагымдуулук, сиңимдүүлүк. *Жагышы жок тамак.*

**ЖАГЫШ II жак III** этишинин кош мамилеси.

**ЖАГЫШТУУ** 1. Жагымдуу, сиңимдүү. *Жагыштуу тамак-аштар.* 2. Сүйкүмдүү, жакшынакай, уккулуктуу, көңүлгө толумдуу. *Адамга сөзүң Ак-Сайдын кымызынан да жагыштуу* (Элебаев).

**ЖАД** Эс, эсте тутуу. *Жадымда кайталасам жаштык сөзүн, Жарк этип карегиме чагылдын, сен* (Байзаков).

**ЖАДА** Көп кайталануудан, узакка созулуудан ж.б. кандайдыр бир нерсени көргүсү келбей калуу, тануу, көңүлү кайтуу, тажоо, баш тартуу. *Китептерди жай барактап, жай коюп, Жазып жатат, жазып жатат, жадабайт* (Токомбаев). // Өтө зарыгуу, чыдамы түгөнүү. *Акыры жадады көрүнөт, атын моюнга чаап, бастырып кетүүгө аргасыз болду* (Убукеев).

**ЖАДАА** 1. Жай таш. 2. Күн жаадырып жайлаган окуу.

**ЖАДААЛ** Эрегиш, өчөгүш, айыгыш, көктүк. *Жадаалын салып Канчоро, Качырып кирип чорону, Шилиге тартып жиберди* («Сейтек»). *Деп, ошентип зор Кыяз, Жадаал жинден баштады* («Сейтек»). *Жадаал салсам жайлаймын, Жакындаба Күлчоро* («Сейтек»).

**ЖАДААЛДАН** Эрегишүү, өчөгүшүү, айыгышуу, көктүгүн көрсөтүү. *Булкунгандан силкинип, Жадаалданып, сактанып, Турган экен кутургур* («Сейтек»).

**ЖАДААЛДАНТ жадаалдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАДААЛДАНУУ жадаалдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАДААЛДУУ** Эрегишме, өчөштүү, көк. *Жадаалдуу жиним кармаса, Жакынга кылча кайтпаймын* («Сейтек»).

**ЖАДААЛДЫК** Эрегиштик, өчөштүк, көктүк. *Жаңыдан туурган уулума Жадаалдык кылсам болобу?* («Сейтек»).

**ЖАДААЧЫ** Күн жайлаган жайчы. *Дуба окубай жүрбөгөн, Чоң сыйкырчы жадаачы, Акундун кызы бейбактын, Бул өнөрүн карачы* («Сейтек»).

**ЖАДАГАЙ I** *зоол.* Кыраан куштун аты.

**ЖАДАГАЙ II** Жайдак. *Жакшы көргөн атыңды, Жадагай минип арытат, Жайсыз жерге бактырба* (Осмонкул).

**ЖАДАГАЛСА** Эң жок дегенде, кур дегенде, жадаганда. *Жадагалса, байдын ити үрүп койсо да, Алымкулду Өмүшбай сабап, урчу* (Абдукаримов).

**ЖАДАГАНДА** Эң жок дегенде, кур дегенде, эң болбогондо, ал гана турсун. *Көсөл жадаганда, жүгөн-тартмалардын үзүлгөндөрүн да улап берет* (Каимов). *Темир-темир, болот-темир барысы, Жадаганда, сепкичи да темирден* (Токомбаев).

**ЖАДАЛ жадаал** менен бирдей. *Эрте жадал жүгүргүн, Жүгүрбөсө амал жок* («Эл адабияты»).

**ЖАДАСА** Эң болбогондо, ал турсун, жадаганда, а түгүл. *Жадаса, колуңа кармаган казыгың жок* (Жантөшев). *Аскар жадаса, жекшемби күнү да таңдан турат* (Сыдыкбеков).

**ЖАДАТ жада** этишинин аркылуу мамилеси. *Кайдагы бир аш-тойду айтып жадаттың* (Шүкүрбеков).

**ЖАДАЧЫ жадаачы** менен бирдей. *Алмамбет мында турасың Жадачы кара калмакка, Айланы кимиң, кыласың?* (Манас).

**ЖАДАШ** Эсте сактоо жөндөмдүүлүгүн көрсөтүү жагы негизи болуп эсептелген өзүнчө эрежелери бар оюн.

**ЖАДЕГЕНДЕ жадаганда** менен бирдей.

**ЖАДИГЕР** Эстелик, эс-жадыда калуучу. *Соңго жадигер калсын деп, Баян эттик кылганын* («Эл адабияты»).

**ЖАДИТ** 1. Жаңы, жакындагы. 2. *өт.* Жаңы тартип, жаңы усул, реформа.

**ЖАДОО I** 1. Начар, жүдөө, кыйналган, оорулуу, жабыркаган (адам жөнүндө). *Сагын сырттагы жем берүүчү аштоого эптеп жадоо жана картаң койлорду бөлүп чыгара баштады* (Жантөшев). 2. *өт.* Жупуну, жөнөкөй, карапайым, көзгө комсоо. *Кийгенин жадоо кең кылып* («Манас» С.О.).

**ЖАДОО II жада** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАДЫ I** Малга чөп, саман туурап берүү үчүн колдонулуучу курал, туурагыч аспап.

**ЖАДЫ III: жады куурай** Чөп, өсүмдүк. *Жады куурай, карандыз, катыраңкы.*

**ЖАДЫ IV** Акыл. Эс, ой-санаа, эсте сактап калуучулук. *Жатсам-турсам сен кетпедиң жадымдан* (Үмөталиев). *Сендей жакын тургай Бөкөйдүн, Бу кезде жасаган жок жадында* («Эл адабияты»). *Жадымда кайталасам жаштык сөзүн, Жарк этип карегиме чагылдың сен* (Байзаков).

**ЖАДЫБАЛ** 1. Тез жаттап калууга, түшүнүүгө ылайыкташтырылып белгилүү бир ыкма салынган чийме, эсеп. 2. Көбөйтүү таблицасы. *Жадыбалдай жаттап алмайынча, кайра-кайра окуй бериш керек.*

**ЖАДЫГЕР I** Жадыгей, сыйкырчы, жайчы. *Жадыгер дуба окуган, Алдамчы эшен экенсиң* (Токтогул).

**ЖАДЫГЕР II** *сейр.* Эстелик, **к.: жадигер.**

**ЖАДЫГӨЙ** 1. Сыйкырчы, азгыруучу, алдоочу, баш айландыруучу. *Көргөзбөй байлап көзүмдү, Жадыгөйлөр биригип, Алып кеткен өзүмдү* («Сейтек»). *Жадыгөйдөн кеп угуп, Алп Манастын тукуму Жабыркап кетти деп угуп* («Сейтек»). *Жеткилең мыктуу жадыкөй* («Семетей» С.К.). 2. *өт.* Куу, айлакер, амалкөй, шумпай. *Жаратыптыр булакты, Жадыгөйгө буюрду* (Молдо Кылыч).

**ЖАДЫГӨЙЛҮҮ** Сыйкырдуу, сыйкыры бар, көз боочулук шыгы бар. *Жадыгөйлүү кутургур, Күлчорону табалы* («Сейтек»).

**ЖАДЫРАТ жадыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жалпыны жадыратып берген эмгек* (Бөкөнбаев).

**ЖАДЫРОО жадыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЖАЛА** Кемчилигин мойнуна албоого, актанууга аракеттенип, негизсиз бажылдап сүйлөй берүү. *Жажалаганыңды койсоңчу.*

**ЖАЖАЛАТ жажала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЖАЛОО жажала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЖУЖ** *(яжуж-мажуж) миф.* Кыямат кайым болгондо чыгуучу денеси өтө олбурлуу келген адам түспөлдүү жандар. *Адам, дөө аралаш, Суянын журту пери бар, Жанында жажуж-мажуж бар* («Манас»).

**ЖАЖЫЛДА** 1. Жалындап, алоолонуп күйүү, көп болуп чыгуу. *Жажылдап жаткан кызыл жалын.* 2. Бажылдоо, бабыроо, кажылдап көп сүйлөө.

**ЖАЖЫЛДОО жажылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЗ I** Жыл мезгили, көктөм (март, апрель, май айлары). *Ак кар кетип, жаз келип, Көк тукаба өңдөнүп, Көйкөлүп шибер чөп чыгып* (Токтогул). *Жаз – жарыш, күз – күрөш* (макал). *Ыйлаак өткөн жазда бир ай бою Мамырдыкына барып жүрдү* (Байтемиров).

**ЖАЗ II** 1. Кагаздын же башка материалдын бетине графикалык белги, жазуу, тамга же цифраларды түшүрүү. *Аскар дагы экиүч сапты жазды да, кайра узун тартып өчүрүп койду* (Сыдыкбеков). *Командири жазып берген Куп жашырын каты бар* (Бөкөнбаев). ‖ Жазуу жүзүндө кандайдыр бир эмгек, макала, чыгарма жаратуу. *Чокчоңдоп кээде ал дагы, Чочугансып сын жазган* (Маликов). *Ойлогонум ыр болду чиркин дүйнө, Ырды жазсам кубанам, көңүл өсөт* (Шимеев). 2. Музыкалык чыгармаларды, сүйлөнгөн сөздү ж.б. техникалык каражаттар аркылуу пластинкага, лентага ж.б. түшүрүү. *Концертти жазып коюу.*

**ЖАЗ III** 1. Кандайдыр бир түрмөктөлгөн, бүктөлгөн, бырышкан нерсени жаюу, ачуу, бүктөлбөгөн, бырышпаган, оролбогон ж.б. абалга келтирүү. *Кагаздын бүктөөсүн жазып көз жүгүрттү* («Ала-Тоо»). *Таңылчагын кылдатык менен жазып, түрмөктөлгөн күрмөнү суруп чыкты* («Ала-Тоо»). 2. Кере жайып ачуу, бүктөлгөн, түйүлгөн, куушурулган ж.б. абалдан жайылган, кере ачылган, эркин болгон абалга өтүү. *– Апаке! – деп Күлжан кучагын жазды* (Байтемиров). *Тобокел арыбери чуркап денесин жазат. Мышык тырмактарын жазып эки колун илгери созду* (Сыдыкбеков). 3. Таратуу, жоюу (мисалы, кайгы-капага карата). *Качантан бери бук болгон, Черибизди жазалы* («Семетей»). *Камоодо жаткан эрендин, Кайгысын жазган сен элең, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Ойноп кетти бул экөө, Эриккенин жазганы* (Осмонкул). 4. Көңүл ачуу, эркин, шайыр абалга келүү. *Көңүлүн жазат жалпынын, Көңүлү ачык март адам* (Барпы). *Отуруп чертип чүкөнү, Абакем кумар жазыптыр* («Эр Табылды») *Жабыкканда жарпын жазар кубат бол* (Токомбаев).

**ЖАЗ IV** 1. Ката кетирүү, кемчилик кетирүү, жаңылыштык кетирүү. *Бир жеримен жазып калбагай элем деп чебердей жүрдүм* (Каимов). *Муну капа кылгандай не жазганы бар* (Байтемиров). ‖ Терс мүчө уланып: жазба формасында. Өзгөрбөө, дайыма бир калыпта болуу. *Эркекыз жылмайган калыбын жазбай кеп салды* (Байтемиров). *Күтөрүм сенден кымбатым, Кайратыңдан жазбагын* (Осмонкул). 2. Жаңылуу, жаздым тийүү, ачык-таамай болбоо, кыйшык кетүү, тайып калуу. *Кол жаңылып, тил жазып, Болгон эмес катасы* (Элебаев). *Жазбай аткан мергени, Жаңыдан кайра чогулуп* («Манас).

**ЖАЗ V жазда II** менен бирдей. *Өзөгүн үзө бир соруп, Өлө жазып калганы* («Манас»).

**ЖАЗА I** Кылмышы үчүн тарта турган айып, күнөөсү, кетирген катасы, жаңылыштыгы үчүн колдонулуучу, берилүүчү чара. *Жазага тартуу. Болбосо мен барып турган оор жазаны күткөм* («Ала-Тоо») *Мен сиздерден устав боюнча тийиштүү жазаны берүүңүздөрдү сурайм* (Байтемиров).

**ЖАЗА II** Таамай эмес, жаздым, калтыс, чала. *Жаш да болсо Мендирман, Найзаны жаза сайбаган* («Мендирман»). *Шашып калган Чалкалмак Кароолду жаза караптыр* («Эр Табылды»).

**ЖАЗА БАСУУ** 1. Жаңылуу, жаңылыштык кылуу, ката кетирүү. *Урматтуу Алексеевич өзүнүн куйругу үзүлбөй келе жаткан кесептери жөнүндө терең ойлонуп, жаза баскандарынын ордун толтурат деген ишенимдебиз* («Советтик Кыргызстан»). *Бечара жаза басып алып, ошондон бери оңоло албай жүрөт* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсенин кызуу үстүнөн чыкпай, кечигип калуу. *Кап, жаза басып калдым.*

**ЖАЗА БАТАЛЬОНУ** 1. Аскер түрмөсү. 2. Аскер адамдарынын жаза өтөөчү жеринде түзүлгөн батальон. *Жаза батальонунда кызмат өтөгөн Сергей Николаевич деген майып адамдын айткандарын муңкана угуп, өзүмө*

*өзүм ушул тагдырды жазамын деп сөз бердим эле* (Айтматов).

**ЖАЗА-БУЗА** Чала-була, толук эмес, даана эмес. *Жаза-буза кармап калдым. Жаза-буза басып жыгылып кеттим. Чым менен жаза-буза уруп калды* (Турусбеков).

**ЖАЗА ПУЛ** *юр.* Кетирген күнөөсү үчүн төлөнгөн акча.

**ЖАЗА ТАЮУ** Кокустан, күтүлбөгөн жерден кырсыкка учуроо, жагымсыз көрүнүшкө дуушар болуу. *Ызалуу эл дал азыр үйүлгү жаткан дарыдай, жаза тайып учкун түшсө эле лап этип жанып кетет* (Укаев). *Акжолтоюм жаза тайып бирдеме болуп калса, бул эрбейген медеримдин айласы эмне болот* (Убукеев). *Эгер жаза тайып туйдуруп калса да, соңунан кууганга алдырчу эмес* («Ала-Тоо»).

**ЖАЗАЙЫЛ** *тар.* 1. Эски убактагы майда калибрдүү замбирек, оор мылтык. *Жазайыл атып, жаа тартса, Кылк этип бир тал өтпөгөн* («Сейтек»). 2. *өт.* Мүшкүл, кыйын иш, башка түшкөн азап. *Жазайыл, жаңжал билбейли, Эми Күлчорого тийбейли* («Сейтек»). *Жазайыл салып мойнума, Атакең жатпай кетти койнуңа* («Семетей»).

**ЖАЗАЙЫЛДУУ** I. Жазайыл асынган, жазайылы бар. 2. *өт.* Мүшкүлдүү, азаптуу.

**ЖАЗАЙЫЛЧЫ** Жазайыл менен атуучу адам.

**ЖАЗАКЕР** Күнөөкөр, кылмышкер, кылмыштуу, күнөөлүү. *Жалаа кылган сөз менен, Жазакер кылсам бекер деп* («Саринжи-Бөкөй»). *Апам болсо, жазакер немедей алды-артыма чыгып жагынуунун аракетинде* («Ала-Тоо»).

**ЖАЗАКЕРЛЕН** **жасакерлен** менен бирдей.

**ЖАЗАЛА** Жазага тартуу, жаза колдонуу, чара көрүү, жазасын берүү. – *Идеятхан апам бүгүн бизди жазалады го!* (Жантөшев). *Айдарбек датка тымызын жазалап отурган* (Жантөшев).

**ЖАЗАЛАН** жазала этишинин өздүк мамилеси. *Күнөөсү үчүн жазаланды.*

**ЖАЗАЛАТ** **жазала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЗАЛОО** **жазала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЗАЛООЧУ** Жаза берүүчү, жаза тарттыруучу. *Жазалоочу отряд. Жазалоочу экспедиция.*

**ЖАЗАЛУУ** 1. Жаза тарткан, жаза алган, күнөөлүү, айыптуу, кылмыштуу. *Жазалуу адамды районго жеткириш милдети тапшырылды* (Сыдыкбеков). 2. Жаза берилүүчү, күнөө кылуучулукка жатуучу. *Абайла досум, бул деген жазалуу иш* («Агым»).

**ЖАЗАНА** *сейр.* Айып, штраф.

**ЖАЗАНАКОР** Айыптуу, кылмыштуу, күнөөкөр.

**ЖАЗАНАТ** **жасат** менен бирдей. Араб тилинен өздөштүрүлгөн. *«Арбагыңдан айланайын Кул Кожо Акмат жасообайдын жазанаты жайланышкан Азирет Султан шаарына бек болгонуңа Кудайга ыраазы бололу, – деди сакалын сылай, жүзүн ыраазычылык чайыган бий ойлуу отурган уулуна көз жибере»* (Токтоналиев).

**ЖАЗАСЫН КОЛУНА БЕРҮҮ** Кылган кылмышы, айыбы, күнөөсү үчүн катуу жазалоо, запкы көрсөтүп, уруп-сабоо, сазайын берүү. – *Шашпа Чоро эмес дөө болсоң да жазаңды колуңа беремин* (Касымбеков). *Мен бул иттин жазасын колуна берем* (Каимов). *Жазасын колуна бердим, өчүмдү алдым, – деди Айсулуу башын көтөрүп* (Баялинов). – *Ой, шордуу, азыр бекин! – жазаңды гана колуңа беришет* (Каимов). **В.: Жазасын берүү.** *Байлардын жазасын берүүгө элди үйрөтүп жүргөндөр да ошолор* (Баялинов). – *Ант ургур. Териңди тескери сыйыртып, жазаңды берейинби* (Бейшеналиев). **Жазасын тарттыруу.** – *Кызыталак Тоголок Молдонун бут койдуулаты үчүн жазасын тарттырсакпы* (Бейшеналиев).

**ЖАЗАТ** *туурасы:* **жасат.** *Кайсы жерде каным төгүлсө, жазатым ошол жерде калсын эми. Кудай этимди жырткычка буюрган болсо, мен кайда качып кутулайын?!* (Касымбеков).

**ЖАЗБАЛ** *диал.* Сызгыч, линейка.

**ЖАЗГА** Кандайдыр бир нерсени булгалоо, жаңсап коюу. *Бригадир колундагы кызыл желекчесин жазгап белги көргөздү* (Убукеев). || Тап берүү. *Амантур Акбарды кажысы менен жазгап койду* (Убукеев).

**ЖАЗГАКТА** Жалтактоо, тайсалдоо, жазгануу. *Суроого жооп бере албай, бала жазгактап калды.*

**ЖАЗГАЛА** Булгалоо, тийгизбестен жазгай сермөө, жаңсоо (көбүнчө чыбык менен бир нерселерге тап берүү же айдоого карата). *Иттерди чыбык менен жазгалап, туш-тушка кубалады. Чыбыгы менен жазгалап, өрдөктүн балапандарын айдап жүрөт.*

**ЖАЗГАН** 1. Жалтануу. *Ал Орусбек колдорун сермеген сайын ага жакын олтурган бала андан жазганат* (Сыдыкбеков). 2. Тартынуу, уялуу, ийменүү, батына албоо, жалтайлоо. *Бурул анын тике карашынан жазганды* (Каимов). *Айна сакалдуулардын үстүнө кирүүдөн жазганды* («Ала-Тоо»). *Эр жигиттин белгиси эч нерседен жазганбайт* (Токтогул).

**ЖАЗГАНТ** **жазган** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЗГАНУУ** **жазган** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЗГАНЧААК** 1. Жалтак. 2. Тартынчаак, уян, ийменчээк.

**ЖАЗГАНЧААКТЫК** 1. Коркоктук, жалтактык. 2. Уяндык, тартынчаактык.

**ЖАЗГЫ** Жазындагы, жаздын күнкү, жаз мезгилине таандык. *Адамдар жазгы тиричиликтерин баштады* (Убукеев). *Жазгы та-*

*лаа жашыл жибек оронгон* (Маликов).

**ЖАЗГЫР** Азгыруу, жолдон чыгаруу, бузуу, жашыруу, алдоо. *Оолуктуруп абаңды, Тайбуурулдан жазгырдың* («Семетей»). *Келген го деп Табылды, Башка жак менен жазгырып* («Эр Табылды»). *Бирок из жазгырып жүргөнүңдү ичи жамандардын көзүнө чалындырба* (Жантөшев).

**ЖАЗГЫРУУ жазгыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЗГЫСЫН** Жазында, жаз күндөрүндө, жаз маалында. *Быйыл жазгысын күн жаанчыл болду.*

**ЖАЗГЫЧ** 1. *сейр.* Чыгармасын кагаз бетине түшүрүп, жазып калтыруучу. *Жазгыч акындар.* 2. *сүйл.* Жазуучу. *Бири – жазгыч, Бири– кирпич бышырат.*

**ЖАЗГЫЧ АКЫН** Кыргыз жазма (профессионалдык) адабияты жаралганга чейинки мезгилде айрым сабаты ачылган акындар өз чыгармаларын (оозеки поэтикалык салттагы эле) төкмө акындардай эл алдында оозеки айтпастан, жазма формада, кагазга жазуу түрүндө жарата башташкан. Мына ушундай акындарга адабият таануу илиминде «жазгыч акындар» деген аныктама берилет. *Молдо Кылыч – жазгыч акын.*

**ЖАЗДА I** Башка, алдыга жаздык же башка бир нерсени коюу, төшөө. *Жаздыкты бийик жаздап кой. Башына ээр токум жаздады.* ‖ *Мага атлас төшөктөн төшөп, алдыма мамык жаздагыла* (Жантөшев). ‖ Астына кандайдыр бир нерселерди атайын таканчык, жаздык катары коюу, төшөө, жөлөө. *Дөңгөчтү жаздап коюп суу талдарды керте баштады. Колун чекесине жаздап ойлуу отурду.*

**ЖАЗДА II** Негизги этиш менен кошо айтылып, кыймыл-аракетттин аз жерден аякталбай, белгилүү бир жыйынтыкка аз жерден жеткирилбей калган абалын билдирүүдө колдонулат. *Колдон китеп ыргып кете жаздады* (Токомбаев). *Андрейдин аты мүдүрүлүп кете жаздап, аз жерден калды* (Байтемиров).

**ЖАЗДАЛ жазда I** этишинин туюк мамилеси. *Башына жаздык жаздалды.*

**ЖАЗДАН жазда I** этишинин өздүк мамилеси. *Таабалды ээр-токумун жазданып, аяк серппей уйкуга кеткен* (Бектенов).

**ЖАЗДАНА ЖАТУУ** Өзү өлө турган болгондон кийин бирөөдөн кегин, өчүн ала жатуу, өзү менен кошо кас адамын өлүмгө учурата кетүү. *Өлө турган болсом, эч болбогондо бирөөн жаздана жатайын деп өзүнчө кайраттана калды* (Убукеев). *Бирок, энемди жаздым кыла турган болсо, жалгыз Керим кербезди эмес, манап агасын баштап, башкаларын да жаздана жатам* (Үмөталиев). **В.: Жаздыгын ала жатуу.** *Болду, жетишет! Кадый бийди тындым кылып, жаздыгымды ала жатам! Качанкыга чейин мунун алдында бөдөнөдөй бөйпөктөйм?* (Үмөталиев).

**ЖАЗДАТ жазда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЗДОО I** Жазгы жайыт. *Жазга маал болгондо Жаздоо кылчу жер эле* (Токтогул). *Жаздоо, күздөө, журттардын бардыгы айылсыз аңкыйып жатат* (Жантөшев).

**ЖАЗДОО II жазда I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЗДООБАЙ** *аңч.* Жазында туулган бөжөк.

**ЖАЗДЫК I** 1. Ичине канаттуулардын жүнү ж.б. салынып, төрт бурч формасында жасалган башка жаздалуучу буюм. *Куш жаздык. Мамык жаздык.* ‖ *Жылдызкан бүгүн күндөгүдөй башы жаздыкка тиер замат уйкуга кеткен жок* (Байтемиров). 2. Отун жарганда, керткенде алдына коюлуучу дөңгөч. 3. *диал.* Устун менен түркүктүн (тирөөчтүн) орто жерине коюлуучу ар кандай формада жасалган (төрт чарчы, сүйрү же ар түрдүү оюу чийүү салынып кооздолгон) жука тактайча.

**ЖАЗДЫК II** 1. Жазга ылайыкталган, жазга тиешелүү, жазга арналган. *Адамдар жаздык кийимдерин кийишти.* 2. Жазында айдалуучу, жазында айдала турган, жазгы. *Жаздык буудайдын уругун тазалады* (Абдукаримов). *Жапарлар шоссе жолдун үстүндөгү жаздык буудайга келишти* (Баялинов).

**ЖАЗДЫМ** 1. Кокустан, күтүлбөгөн жерден, жаңылыштан. *Жаздым болуп ок жаңылды.* ‖ Таамай эмес, мүчүлүш, калпыс. *Жамбыны жаздым атпаган Мергендер келсин тоюма* («Семетей»). *Кээде жаздым болжоп коюп, өзүм зыян таппкан жерлерим да бар* (Элебаев). *Садык жаздым муштап алып, күүсү менен жыгылып кала жаздады* (Байтемиров). 2. Майып болуу же өлүү. *Жазып-тайып кокустан, Жаздым болуп каламбы* («Эр Табылды»).

**ЖАЗДЫР жаз II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЗЕМДЕ: жаземдебей** формасында гана. Жазбай, айныбай, жаңылбай, кыя өтпөй, таамай. *Жаземдебей тааныган Бурул чий орумуш болуп, келинине чукулдап келди* (Осмоналиев).

**ЖАЗМА** Жазылган, кагаз бетине түшүрүлгөн, оозеки эмес. *Биздин жазма тилибиз али жаш, калыптануу процессин башынан кечирип бүтө элек* («Замана»).

**ЖАЗМЫШ** Тагдыр, келечек, буйрук. – *Жазмыш ушундай экен да, – деп көңүл айтты* (Абдукаримов). *Жазмыш ошол экен, уулум бир бутунан ажырап келди* (Баялинов).

**ЖАЗУУ I** 1. Графика түрүндө кагаз же башка бир нерселердин бетине түшүрүлүүчү атайын белгилердин, тамгалардын жыйындысы, системасы. *«Касым» деп жазуу турат сап жагында* (Токомбаев). *Марфа кай-*

*сы бир учурларда бетинде басма жазуусу бар баракчаларды Ашырга берип туруучу* (Сасыкбаев). 2. *дин. өт.* Буйрук, жазмыш, тагдыр. *Бешенеде жазууну, Качан да болсо көрөбүз* («Манас»). *Тагдыр жазган жазууңа Көндүң бекен, Токтогул?* (Барпы).

**ЖАЗУУ II жаз II** этишинин кыймыл атоочу. *Муну атайын жазууга, Жүргөн элем энебей* (Тоголок Молдо). *Жазуу кыйын Мендиштин Абалын толук болжолдоп* («Мендирман»).

**ЖАЗУУ III жаз III** этишинин кыймыл атоочу. *Кычан катуу-катуу кыйкырып-кыйкырып сүйлөп же жаңырта ырдап бүгүн жазууга ниеттенет* (Бейшеналиев).

**ЖАЗУУЧУ** Көркөм-адабий чыгармаларды жазган адам. *«Жамийла» жазуучунун чыгармачылык өмүрүндөгү өзүнчө бир даңазалуу окуя гана эмес, ал ошону менен бирге кыргыз адабиятынын жаңы бир доорун ачты.* (Асаналиев). *Кечээ – койчу, бүгүн – акын, жазуучу* (Токомбаев).

**ЖАЗУУЧУЛУК** Адабий чыгарма жазып, ошол иш менен кесип кылуучулук, жазуучунун кесиби. *Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта-тойдо ырдаганым жок* (Тоголок Молдо). *Бул чыгармалар өздөрүнүн кайталангыс көркөмдүк ачылгалары менен Ч. Айтматовдун жазуучулук көркөм өнүгүшүндөгү өзүнчө бир этап, үч доор.* (Асаналиев).

**ЖАЗЫ** 1. Жайык, жазык, кенен, туурасы кең, эндүү, кууш эмес. *Мамбеткул жазы алаканы менен бырыштуу маңдайын ушалады* (Абдумомунов). 2. *сейр.* Жайылган, кеңири тараган, жалпы, калың. *Жазы кыргыз элинин, Жайлоосун чалып келемин* («Эр Табылды»). *Жайылган мал, жазы эл, Булардын жалпысы кыпчак эл деди* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жанаша ырдап бирге өстүк, Жазы кыргыз тобунда* (Осмонкул).

**ЖАЗЫ ТУМШУК** *аңч.* Өрдөк.

**ЖАЗЫК I** Күнөө, айып, кылмыш. – *Бу байкуштун жазыгы эмне?* (Байтемиров). *Ушунча тартып кордукту, Эмне жазык кылгамын?* (Токтогул).

**ЖАЗЫК II жазы** менен бирдей. *Асанбек олбурлуу, мурду коңкойгон, маңдайы жазык сары киши* (Жантөшев). *Алакан жазык, кол ачык, Аттанып чыкса жол ачык* («Манас»). ‖ Тегиз, жайык, жайылган түз. *Чокусу музга берилип, Эңиши жазык керилип, Созулуп кеткен Ала-Тоо* (Турусбеков).

**ЖАЗЫКСЫЗ** Күнөөсүз, айыпсыз, күнөө кылбаган, айыбы жок. *Айланган тоонун бүркүтү, Жазыксыз торго чалындым* (Токтогул). *Деген менен жазыксыз куданы өлтүрүш Адыкенин колунан келген жок* (Сыдыкбеков).

**ЖАЗЫКТУУ** Күнөөлүү, кылмыштуу, айыптуу, күнөө кылган, айыбы бар. – *Мен жазыктуу болсом, айыбымды тартайын,– деди Байболот* (Элебаев).

**ЖАЗЫЛ I жаз III** этишинин туюк мамилеси. *Сулууга далай колдон кат жазылды* (Үмөталиев).

**ЖАЗЫЛ II жаз II** этишинин туюк мамилеси. *Аалыбайдын маңдайындагы бырышы жазылып, тиштери кашкая түштү* (Абдумомунов).

**ЖАЗЫЛУУ I** Жазылып коюлган, жазылган, жазуусу бар. *Жазылуу дептер. Жазылуу даяр чыгарма.*

**ЖАЗЫЛУУ II** *сейр.* Жайылып-жазылган, жайылып-чачылган. *Таңылчактын баарысы, Талаада калды жазылуу* («Жазгыч акындар»).

**ЖАЗЫЛУУ III жазыл I** этишинин кыймыл атоочу. *Газетага жазылуу улантылып жатат.*

**ЖАЗЫЛУУЧУ** Газета-журналдарды же башка басма сөз продукцияларын ага жазылуу жолу менен алып туруучу киши. *Газетанын жазылуучулары. Журналдын жазылуучулары. Жазылуучуга газетаны өз убагында жеткирип туруу.*

**ЖАЗЫЛЫҢКЫ** Кичине жайылуу, жазылуу. *Жазылыңкы бет.*

**ЖАЗЫМ жаздым** менен бирдей. *Жазым болуп көз тайсаң, Ким малыңа ээ болот* (Токобаев).

**ЖАЗЫМЫШ** *диал.* Жапайы өскөн буурчактын бир түрү.

**ЖАЗЫНДА** Жазгысын, жаздын күнү, жаз мезгилинде, жаз убагында. *Жазында жарышам десең, күздүн кубатын ал* (Жантөшев). *Суу тийсе талга жазында, Чырпык бүрдөп шак толот* («Мендирман»).

**ЖАЗЫНДАСЫ** Жазында, жаз маалында. *Жазындасы күн суук болду.*

**ЖАЗЫҢКЫ** Анча-мынча жазы, кичине жазыраак келген. *Жазыңкы бет.*

**ЖАЗЫШ жаз II** этишинин кош мамилеси.

**ЖАЙ I** Жаз менен күздүн ортосундагы жылдын мезгили – июнь, июль, август айлары. *Жайдын көркү ачылат, Жашыл ала гүл менен* (Осмонкул). *Эгин айдап, мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул).

**ЖАЙ II** 1. Орун, турак, мекен. *Ушул шаарды, ушул сонун жайды түзгөн эмгекчи эл өзү го* (Баялинов). *Дагы нарылай түшүп, отурууга жай тандашты* (Бейшеналиев). *Булардын көбүндө үй да, жай да жок* (Сасыкбаев). ‖ Үй, турак жай, чарбак. *Ойлодум: сонун жай кимдин жайы* (Үмөталиев).Төшөк, жата турган орун. *Мейманга жайды көрсөттү* (Бейшеналиев). *Жай таппадым жатарга* (Токтогул). // Кандайдыр бир аныктагыч сөздөрдөн кийин айтылып, тиешелүү мекемелерди, ишканаларды ж.б. атайын орундарды билдирүүдө колдонулат. *Соода жайы. Коомдук жайлар.* 2. Кандайдыр бир нерсенин же бир иштин ал-абалы, шарты, жөнү, жагдайы. *Ашым иштин жайын эми*

*гана түшүндү* (Каимов). *Жалкоонун жайы ушундай, Жайкалып уйку салыптыр* (Тоголок Молдо). // Өз эркинчелик, өз алдынча болгон абал. *Мал катары айдадың, Кедейди койбой жайына* (Каралаев). *Аябай айласы кеткенде Айганыш кызды жайына койгон* (Байтемиров). 4. Жайлуу, орундуу, ылайыктуу. *Чылмайран тоо келишкен, Чыбыры тегиз малга жай, Койлору төлдөп эгизден* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ЖАЙ III** 1. Акырын, шашпай, камырабай. *Кулбаш жай басып үйгө кирди* (Абдукаримов). *Аңгыча Арзыкул каадасынча жай гана сүйлөп калды* (Байтемиров). 2. Жайынча, жөнөкөй, өзгөчөлөнбөгөн. *Жай сөз.* 3. Тынч, жайланышкан, коогаланы жок. *Анык тынып санаасы, Андай азаматтын көөнү жай* (Токтогул). *Үлөштүрүп берди эми, Көңүлдөрү жай болуп* («Сейтек»). *Үйгө жай алып отургандан кийин Токобай мейманын сөзгө алды* (Каимов).

**ЖАЙ IV** 1. Кандайдыр бир нерсени жазуу, бүктөлбөгөн, жыйылбаган абалга келтирүү, төшөө. *Бурма кайнаган самоорду алып келип, дасторконду жайды* (Каимов). *Дилде төргө шырдак салып, үстүнө көлдөлөң жайып койгон экен* (Байтемиров). ‖ Жазып илүү. *Тээтигинде кир жайып, Карап турат бураң бел* (Турусбеков). 2. Жайылта жиберүү, каптатуу, коё берүү. *Ысмайыл сууну эгинге жайып коюп карап турат* (Турусбеков). ‖ Агуу, жайыла чыгуу. *Бутунан кан жая бериптир. Шилтеген жерден кан жайган.* 3. Оттотуу, кайтаруу, жайылтуу. *Кой жайып кетип баратсам, бир кой артта калып калды* (Жантөшев). 4. Таратуу, көпчүлүккө маалим кылып жиберүү. *Ар кандай сөздөрдү тез эле эл арасына жайып жиберди* (Токомбаев).

**ЖАЙ V: жай таш** *миф.* Сыйкырлап, дуба окуунун жардамы менен күн жаадырууга боло турган сыйкырлуу таш.

**ЖАЙ АЙТУУ** Кандайдыр бир жаманчылыкка көңүл айтуу, же жакшылык ишке жардам көрсөтүү иретинде бир нерсе берүү, тартуулоо. *Биз дагы жай айтып коелу дедик эле* (Бердикеев). *Жай айтпай анан, мындайда айтпаганда жайды качан айтабыз* («Ала-Тоо»).

**ЖАЙ АЛБОО** *к.* **жаны жай албоо.**

**ЖАЙ АЛУУ** *к.* **жаны жай алуу.**

**ЖАЙ САРАТАН** 1. Жыл эсебиндеги (жаңы жыл – нооруз жазгы мезгилден башталган элдердеги) төртүнчү айдын аталышы – 22-июнь менен 21-июлга туура келет. 2. Кыргыздардын жыл эсебинде жайдын толуп турган мезгили – эң ысык эсептелген кырк күн – жайкы чилде. *Жай саратан баарына* («Манас» С.О.).

**ЖАЙ СҮЙЛӨМ** *грамм.* Бир бүткөн ойду жайынча гана баяндаган сүйлөм. *Бүгүн күн ысык болду. Асан мектептен келди.*

**ЖАЙ ТАБАР** Абдан эпчил, эбин таап бир нерсеге аралаша кеткен. *Жай табар, эпчил, жашынма, Бүткөн иштин кашында* (Бейшеналиев).

**ЖАЙ ТАШ** к. **жай V.** *Алмамбет жай ташын кара сууга салып жайлаган.* («Манас»).

**ЖАЙБАРАКАТ** Камырабай жана шашылбай, эч нерседен капарсыз, бейкам. *Окуя кандай болгонун жайбаракат түшүндүрүп сүйлөй берди* (Байтемиров). *Койлор булактын эки жагында жайбаракат оттоп жүрүшөт* (Жантөшев).

**ЖАЙБАРАКАТТАН** Жайбаракат абалда болуу, камырабоо, капарсыз, бейкам абалда болуу. *Бирок биз жайбаракаттанып жүрбөйбүз.*

**ЖАЙБАРАКАТТАНУУ жайбаракаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙБАРАКАТТЫК** Шашпастык, камырабастык, кенебестик, эч нерседен капары жоктук. *Мындай жайбаракаттык жарабайт.*

**ЖАЙГАР** 1. Жайлаштыруу, тейлөө, тартипке салуу, жөнгө салуу. *Жаткан экен Кулжыгач, Өз элин өзү жайгарып* («Олжобай менен Кишимжан»). *Көсөл атасынын жоктугун билгизбей жумуштарынын баарын жайгарып коёт* (Каимов). 2. Сөз менен көңүлүн көтөрүп, ыраазы кылып коюу, ынандыруу, көңүл сооротуу, тынчытуу. *Тамаша кылам, аксакал, кемчилик кимдин башынан өтпөйт – деп Барпы сөз менен жайгарды* (Байтемиров). *Баары билет, баары күйөт, кайгырат. Бирин бири калп чыгар деп жайгарат* (Нуркамал).

**ЖАЙГАРУУ жайгар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙГАРЫЛ жайгар** этишинин туюк мамилеси. *Тапшырылган жумуштун баары жайгарылып бүттү.*

**ЖАЙГАРЫШ жайгар** этишинин кош мамилеси. *Үй оокаттарын жайгарышып коюп, коңшу аял жаңы эле кеткен.* («Ала-Тоо»).

**ЖАЙГАШ** 1. Тартипке салынуу, иретке келүү. 2. Орношуу, орун алуу, жайланышуу. *Камкор жолдошуна ыраазы болгон студент жакшы орунга жайгашты* (Бейшеналиев). *Өткөн жылы, курулган үйлөргө 70 үй-бүлө жайгашты* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАЙГАШТЫР** 1. Тейлөө, ирèттөө, тартипке келтирүү. *Малчылар малды жайгаштырып коюп, бардыгы от жагылган ыктоого чогулушту* (Убукеев). 2. Орундаштыруу, жайлаштыруу, орун алып берүү, орноштуруу. *Мандикерлерди Оштун Пиян базар деген жерине жайгаштырды* (Абдукаримов).

**ЖАЙГАШТЫРУУ жайгаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙГАШТЫРЫЛ жайгаштыр** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАЙГАШУУ жайгаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙДАК** 1. Ээр-токумсуз, ээр токулбаган, алдына эч нерсе салынбаган. *Тору жоргону жайдак жетелеп бирөө чыкты* (Абдукаримов). *Жекен кээде жайдак тайга минип алып, чаап кетет* (Каимов). 2. *өт.* Эч нерсеси жок, ээн, бош, ачык. *Үйдүн жанында, жайдак короодогу үйлар эбак жуушап калган* (Элебаев). *Өтмөктүн бели анчалык чоң эмес, үстүнө чыкканда жайдак адыр сыяктуу* (Байтемиров). *Кырчын кез жалгыз сырап өтмөк экен, Кыргыздын жайдак чабар сары атындай* (Садырбаев).

**ЖАЙДАК КАЛУУ** Бүт болгонунан, бардыгынан ажыроо, куру кол болуу, кур жалак болуу. *Колдоочумдан айрылып бу жарыкта мен жайдак калганмынбы?* (Акиев).

**ЖАЙДАК ТАЛАА** Эч нерсеси жок, эч нерсе чыкпаган, өспөгөн ээн талаа. *Жайдак талаага эки-үч жылдын аралыгында заңгыраган көп кабаттуу үйлөр салынды.*

**ЖАЙДАК ТӨШ** 1. Ачык-айрым, даалдаган ак көңүл, ичинде эч нерсеси жок. *Ал ошондой жайдак төш.* 2. Эч нерсеси жок, абдан жупуну, жайсыз. *Бой тумары жок барса, шордуу жакыр кызын жайдак төш узатыптыр дешет* (Сыдыкбеков). *Жалаң от, жайдак төш койчулар Оргочордон орун ала баштады* («Ала-Тоо»).

**ЖАЙДАКТА** Ээр-токумун алып коюу, жайдак кылуу. *Алдындагы чынарга, Аса байлап ошондо, Жайдактап суутуп салды эле* («Эр Төштүк»).

**ЖАЙДАКТАЛ** **жайдакта** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАЙДАКТАТ** **жайдакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЙДАКТОО** **жайдакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙДАМАС** *туурасы:* **жайнамаз.**

**ЖАЙДАНДА** Жадырап-жайнаган көрүнүштө болуу, көңүлү куунак болуу, жайдары, шаттуу жүрүү. *Ачык-айрым азамат Аргымак аттай жайдаңдайт* (Токтогул). *Абышка-кемпир жайдаңдап, Эмгектен моюн бурбаган* (Калык).

**ЖАЙДАР** **жайдары** менен бирдей. *Ак жайдар сиздей мартта бар* (Эл ырлары).

**ЖАЙДАРЫ** Ачык-айрым, шайыр, көңүлдүү, маанайы ачык. *Бетегелүү майданым, Пейли жакшы жайдарым* (Токтогул). *Айсалкын курбуларынан четтеп, жайдары мүнөзү өзгөрүп, суз болду* (Каимов). *Уулунун жайдары жүзүн көргөндө Кулбаш мурутунан күлүп койду* (Абдукаримов). *Жайдарым күлүмсүрөп маңдайы ачык* (Турусбеков).

**ЖАЙДАРЫЛАН** Эпилдеген жайдары мүнөздө болуу, ачык-айрым, көңүлү куунак, мээримдүү көрүнүштө болуу. *Асалхан өтө мээримдүү адамдан бетер жайдарыланды* (Жантөшев). *Кандай сак-саламат турасыңарбы? – деп Түнкатар да жайдарыланды* (Жантөшев).

**ЖАЙДАРЫЛАНУУ** **жайдарылан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙДЫ-ЖАЙЛАЙ** Жай бою. *Бул пахта үчүн Эмнелерди кылбадык, Жайды-жайлай кетмен алып тынбадык* (Турусбеков).

**ЖАЙДЫ-ЖАЙЛАТА** **жайды-жайлай** менен бирдей. *Жайды-жайлата жайлоодо болгон мал.*

**ЖАЙДЫР** **жай II** этишинин аркылуу мамилеси. *Субайларын бир бөлүп, Сулуу төргө жайдырган* (Калык).

**ЖАЙДЫР-КЫШТЫР** Жыл бою, жайкысын да, кышкысын да. *Жайдыр-кыштыр салкын абага көнгөн Салык ысуулап баратты* (Каимов).

**ЖАЙКА** 1. Жөнгө салуу, ыраазы кылуу, жоошутуу, жайгаруу. *Мырзагүл оорулуунун ал-жайын сурап, көңүлүн жайкайт* (Кыргызстан аялдары). *Акылы менен жайкаган, Алты айлык азапты, Көз ачымда байкаган* («Манас»). 2. Акырын кыймылдатуу, теңселтүү, ыргоо. *Буркурап согуп күзгү жел, Буудайдын башын жайкаган* (Алыбаев).

**ЖАЙКАКТА** 1. Көңүлү куунак капарсыз, шайыр мүнөздө болуу, алчылануу, жагалдануу. 2. Көңүл жубатуу, кошоматтануу, жалпалактоо, жайкандоо. *Бу куу неме кайра жайкактап соолуга түшүп, анан жайбаракат сүйлөмөк болду* (Бектенов).

**ЖАЙКАЛ** Ары-бери ыргалган жагымдуу көрүнүш. *Ой-тоо толгон түркүн гүл, Желге ыргалып жайкалган* (Барпы). *Бул жер болсо мына чөбү чабылып, айдаган сулулар жайкалып калды* (Байтемиров). *Телтору атты берсеңиз, Жоого минсин жайкалып* («Курманбек»). *Жайкала басып айылдын келиндери айттап жүрүшөт* (Каимов).

**ЖАЙКАЛТ** **жайкал** этишинин аркылуу мамилеси. *Керим аке ак сакалын жайкалтып, Ээрчип алган техник Суван баланы* (Маликов).

**ЖАЙКАЛУУ** **жайкал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙКАНДА** Эпилдеп-жепилдеп кичи пейил болуу, сылык мамиле кылуу. *Жакшы жигит жайкаңдап, Адамдын көөнүн калтырбайт* (Токтогул).

**ЖАЙКАНДОО** **жайкаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙКОО** **жайка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙКЫ** Жайдын күнкү, жай мезгилиндеги, жай убагындагы, жай мезгилине таандык. *Жердин көркү ачылат, Жайкы жашыл гүл менен* (Токтогул). *Жайкы бактын ичи кандай салкындап, Жайкы түндө олтурганга адамга* (Маликов).

**ЖАЙКЫН** Ээн-эркин, жай, жайынча. *Жайкын жаткан калың эл, Жабыла тура калды эми* («Эр Табылды»).

**ЖАЙКЫСЫН** Жайында, жай мезгилинде. *Жайкысын жайлоодо болгон мал.*

**ЖАЙЛА I** Жайды бир жерде өткөрүү, жайында бир жерде туруу, кандайдыр бир

жайлоодо болуу. *Суу сугарып, арык чаап, Саратан чөлдү жайлаган* (Тоголок Молдо). *Жазында жака жайлаган, Жанаша кулун байлаган* (Осмонкул).

**ЖАЙЛА II** 1. Жайгаштыруу, орундаштыруу, ирeттөө, иретке келтирүү, тейлөө, камдоо. *Асыл меймандардын аттарын жайла* (Касымбеков). *Зубайда өзүнө бир кишилик башка төшөк жайлап алды* (Убукеев). *Жеми, чөбүн жайлаңар* (Токтогул). 2. Тынчытуу, ыраазы кылуу. *Жакып уулунун жана анын жолдошторунун көңүлүн жайлады* (Бейшеналиев) 3. *өт.* Өлтүрүү, жок кылуу, түбүнө жетүү. *Баатырлыгы ошондой, Ким сайышса жайлаган* («Курманбек»).

**ЖАЙЛА III** Акырындоо, жай болуп калуу. *Күрпүлдөк суусу жайлап агып, жээгине камыш өнө баштайт* (Сыдыкбеков).

**ЖАЙЛА IV** Сыйкырлоо, сыйкыр менен күн жаадыруу. *Артык жайлап жиберсе, Жайдын күнүн кыш кылат* («Сейтек»). *Кар жаадырган Элдияр, Кара таш салып күн жайлап* («Эр Табылды»).

**ЖАЙЛАЙ** Жайлата, жай бою, жайы менен. *Жайлай оттогон сүттүү уйлар жыл сайын төлүн арбытууда* (Сыдыкбеков).

**ЖАЙЛАН** 1. Орундашуу, иретке келүү, *Конок үйгө кожурашып жайланып* (Маликов). *Жайланып алсаңар сүйлөшүүгө убактыңар жетишер деймин?* (Касымбеков). 2. Тынч алуу, жайбаракаттануу, көңүлү тынчуу. *Дасторкон жыйналгандан кийин Бурулча жайланып отуруп алып, сөз баштады* (Байтемиров).

**ЖАЙЛАНУУ жайлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙЛАНЫШ** Жай алуу, орун алып жайгашуу, жайлашуу, орунтукташуу. *Жакшы болду экөөңдүн, Жайланышып калганың* («Курманбек»).

**ЖАЙЛАНЫШУУ жайланыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙЛАТ I жайла I** этишинин аркылуу мамилеси. *Асыл тукум жылкысын, Ак-Сай, Арпа жайлаткан* (Осмонкул).

**ЖАЙЛАТ II жайла II** этишинин аркылуу мамилеси. *Базар жолу алыс деп, Токумун жумшак жайлатып* («Семетей»).

**ЖАЙЛАТ III жайла III** этишинин аркылуу мамилеси. *Кыштакка жакындаганда машинасын бир аз жайлатты.*

**ЖАЙЛАТ IV жайла II 2.** этишинин аркылуу мамилеси. *Алып чыгып эшикке Балта менен жайлаткан* (Тоголок Молдо).

**ЖАЙЛАТА** Жайды-жайлай. *Жайнаган элди кубанткан, Жайлата кылган демилгеӊ* (Токтогул).

**ЖАЙЛАШ I** 1. Орун алуу, жайланышуу, бир жерге орношуу. *Жайлоосу берекелүү малдын жери, Жайлашат шаттуулукта кыргыз эли* («Сажи»). 2. Элдешүү, жарашуу, жай сүйлөшүү, тынчышуу, жөнгө салуу, жайгаштыруу. *Жайлашып жолго салайын, Жакшылык кылып калайын* («Манас»). *Жайлашып жакшы жөнөткүн* («Курманбек»).

**ЖАЙЛАШ II жайла I** этишинин кош мамилеси.

**ЖАЙЛАШТЫР жайлаш I** этишинин аркылуу мамилеси. *Сени эми бир жайлуу жерге жайлаштырайын. Уездден келгендерди мейманканага жайлаштырды.*

**ЖАЙЛАШУУ жайлаш I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙЛОО I** Жайында мал жайылуучу жайыт. *Жайкалган ушул кара саз, Жайлоо кылып салалык* («Эр Табылды»). *Суусу шекер, чөбү бал, Суусамыр экен кең жайлоо* (Осмонкул).

**ЖАЙЛОО II жайла I** этишинин кыймыл атоочу. *Атай Керездин көңүлүн жайлоо аракетин издеди* (Бейшеналиев).

**ЖАЙЛООБАЙ** *аңч.* Жайында туулган бөжөк.

**ЖАЙЛООЛОШ** Бир жайлоодо жайлаган, жайлоосу бирге.

**ЖАЙЛООЧУ** *сүйл.* Жайлоого чыккан малчы. *Жайлоочулар этектеп конду* (Касымбеков).

**ЖАЙЛУУ** Ыңгайлуу, ыктуу, орундуу. *Кечке чейин жайлуу жер таппай чыйрыккан Жылдызкан мындай ылымта жерде кадимкидей жылый түштү* (Байтемиров). *Эмгекке дыйкан тунгандай, Эгинге жайлуу жер болот* (Осмонкул).

**ЖАЙЛЫК** Жай мезгилине ылайыкталган, жай мезгилине таандык, жайкы. *Жайлык кийим.*

**ЖАЙМА** 1. Сатуучу нерселер элге көрүнүп турсун үчүн жайылып коюлган, ар ким өз буюмун көтөрүп сатма (базарга карата). *Жайма базардан учурап калдык* (Убукеев). *Тебетей жок, издеп калдык жаймадан* (Токомбаев). 2. Идиштин кыры менен тең, жайпама, текшилене салынган. *Бир чоң чакага жайма кылып ун салып берди. Эки капка жайма кылып алдым.* 3. Жайылып, жазылып турган. *Жайма көкүл. Жайма тузак.*

**ЖАЙМА-ЖАЙ** Жайбаракат, тынч, эч нерседен капарсыз, жайынча. *Жылкылар өз-өз үйүрүнө бөлүнүп, жайма-жай жайыла баштады* (Каимов). *Жылып агат, ашпай-шашпай жайма-жай* (Шүкүрбеков).

**ЖАЙМАЛА** Толтура кылуу, оозгу кыры менен тең кылып салуу, жайма кылуу. *Бу Кокондон келген сыр аяк, Колума бердиң жаймалап* (Токтогул).

**ЖАЙМАЛАТ жаймала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЙМАЛОО жаймала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙНА** 1. Жыбырап, эң эле көп болуу, жайылып-чачылган абалда болуу. *Жылдызындай түндөрдүн, Жылкы жатат жайнаган* (Үмөталиев). *Жайнады дасторконго*

*жемиш толуп* (Үмөталиев). 2. Жалжылдоо, жоодураган, балбылдаган көрүнүштө болуу. *Балбал этип жайнаса, Адамдын көркү көзүндө* («Мендирман»). *Жамалдын көздөрү жайнап, кубанычы ташый түштү* (Жантөшев). // Шат, нурланган көрүнүштө, кубанычтуу абалда болуу. *Кайгы-капа ойлонбой, Жайнап турат, балалык* (Токтогул). *Карт эне сүйүнгөндөн жайнап күлөт* (Үмөталиев).

**ЖАЙНАМАЗ** Намаз окуу үчүн пайдалана турган таза ак кийиз, же кездеме. *Жайнамазын салышып* («Манас» С.О.). *Башына селде чалайын, Жайнамазын салайын* (Токтогул).

**ЖАЙНАТ жайна** этишинин аркылуу мамилеси. *Дүнүйөнү жайнатып, Оңуп жаткан кези экен* («Эр Төштүк»).

**ЖАЙНОО жайна** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙПА** 1. Бир нерсенин бетин каптоо, каптай жайылуу (көбүнчө сууга карата). *Алдастап, мөңкүп, оргуштап, Сай жайпап суулар киргенде* (Бөкөнбаев). *Жаткан экен Ысык-Көл, Толкуну жайпап төгүлүп* («Эр Табылды»). 2. Өтө көп болуп көрүнүү, көп болуп каптап кирүү, жайыла кирүү. *Түркүнтүркүн сан жылкы, Жерди жайпап калыптыр* («Семетей»).

**ЖАЙПАК** Түбү терең эмес, тайыз, жалпак. *Аял унчукпай гана жайпак табактагы боорсокту чаранын жанына тартты* (Токомбаев). ‖ Жалпак, жазы, тайпагай. *Койчу бир жайпак таш таап келди* (Сасыкбаев).

**ЖАЙПАНДА жалпаңда** менен бирдей. – О, *Акбар иним, кандай жакшыбы? – деп жайпаңдап жетине албай күлүмсүрөдү* (Убукеев).

**ЖАЙПОО жайпа** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЙРА** Өлүү, жок болуу. *Кокус бир жазатайым болуп, ач талаада жайрап кала турганыбызды да Шадыкан эскертип өттү* (Элебаев).

**ЖАЙРАНДА** *туурасы:* **жайдаңда.** *Мергенчи жайраңдап койчуга да арак сунду* (Сасыкбаев). *Мейман кызуу учурашып, орун алгандан кийин Мусабек жайраңдап сүйлөдү* (Сасыкбаев).

**ЖАЙСАҢ** Эпостордо: калмактардын эл башкаруучусу, башчы. *Алтымыш жайсаң кенжеси Кан Коңурбай баатырды* («Манас»).

**ЖАЙСЫЗ** Орунсуз, ыңгайсыз, маанисиз, жайы жок, начар. *Калың малга алданып, Жайсыз жерге барбасын* (Токтогул).

**ЖАЙЧЫ** *миф.* Жай таштын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы. *Кар жаадырып күн жайлап, Калкында жайчы бар экен* («Эр Табылды»).

**ЖАЙЧЫЛЫК I** Жайчынын кесиби, күн жаадырып же аба ырайын өзгөртө алуучулук. *Жайчылык өнөрү бар.*

**ЖАЙЧЫЛЫК II** Тынчтык, тынччылык, жайбаракаттык, бейпилдик. *Сен бизди сыйласаң, жайчылыкта сыйлап ал* (Жантөшев).

**ЖАЙЧЫЛЫКТУУ** Бейпил, тынч, жайынча, жайбаракат. *Жайчылыктуу күн болсо, Жалпы баарың келгиле* («Эр Табылды»).

**ЖАЙЫ ЖОК** Жакшы эмес, начар, жупуну, жайсыз. *Уга чыкпай мен жатсам, эки күн багып ардактаар, Эч кимиңдин жайың жок* (фольк.).

**ЖАЙЫ-КЫШЫ** Жыл бою, жайында да, кышында да. *Жайы, кышы кетпеген, Мөңгүсү бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

**ЖАЙЫЗ** Этикага, мыйзамга туура, мүмкүн болгон.

**ЖАЙЫК** Жазы, кенен, жайылып жаткан түздүк. *Биз айылдан чыгып кечмелиги жайык өзөн сууга туш келдик* (Каимов). *Ошонун эки өйүзү бизге карайт, жана да белден берки жайык талаа* (Турусбеков). *Кашаттын үстү кыйла жерге мелтиреп жаткан, чоң жайык* (Байтемиров).

**ЖАЙЫЛ I** Жыйнаксыз, эндекей. *Жерге кирсин жайыл деп желкеге кылыч бир уруп* («Манас»). 2. Айкөл, берешен, жайыл дасторкон, кең пейил. *Жайыл Манас көрбөсүн* («Манас»). *Ар бири кээде ойчул, кээде шайыр, Ар бири кээде сараң, кээде жайыл.*

**ЖАЙЫЛ II жай IV** этишинин туюк мамилеси. *Белеси сайын топтошуп, Ферманын малы жайылган* (Осмонкул). *Бактылуу болуп бул күндө, Жайылды элге атагым* (Тоголок Молдо).

**ЖАЙЫЛ ДАСТОРКОН** Үйүнөн тамак-ашы үзүлбөгөн, бапырап жайнап турган, казанаштуу, берешен, меймандос. *Берекеси жайнаган бир жайыл дасторкон өңдөнөт* (Бердикеев). *Силер мени сараң дейсиңер, байлыгым ашып-ташып турганда мен жайыл дасторконмун* (Жантөшев).

**ЖАЙЫЛМА** Суунун жайылып ага турган жери.

**ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМ** *грамм.* Баш мүчөлөр жана айкындоочтор аркылуу түзүлгөн сүйлөм.

**ЖАЙЫЛУУ** Жайылган абалда, жайылып коюлган. *Колхозчунун дасторкону жайылуу, Кыштаса да, өзүң өңдүү шайырга* (Осмонкул). *Түшүп калдың, Жайылуу торго* (Тоголок Молдо).

**ЖАЙЫЛЫҢКЫ** Бир аз жайылган, анчамынча жазыраак, кичине-кичине жазы. *Таноолору бир аз жайылыңкы.*

**ЖАЙЫН** Жайкысын, жайында. *Мына муздак суу дайын, Жатамын жыргап, кышын, жайын* (Шүкүрбеков).

**ЖАЙЫН ТАБУУ** 1. Жок кылуу, көзүн тазалоо, өлтүрүп коюу. *Айтканыма көнбөсөң, Азыр табам жайыңды* (фольк.). 2. Кандайдыр бир иштин аткарылышынын мүмкүнчүлүгүн, ыгын келтирүү. *Анын жайын өзүбүз табабыз* («Ала-Тоо»). *Ошонун жайын таба*

*албасак, өлгөн экенбиз, – деп Адыл каткыра Мадыны далыга кагып койду* (Жантөшев).

**ЖАЙЫНДА I** 1. Жай убагында, жай мезгилинде, жайкысын. *Жайында кымыз менен саамалдан кур калуучу эмессиңер* (Абдумомунов).

**ЖАЙЫНДА II** Жакшы, кадимкисиндей, түзүк, жакшы абалда. *Үй фермасынын иши жайында* (Убукеев).

**ЖАЙЫНДАСЫ** *диал.* Жайында, жайкысын.

**ЖАЙЫНЧА** Жай олтуруп, шашылбай. *Болду укта, жайынча сүйлөшөбүз* («Ала-Тоо»). // Жөн гана, тим эле. *Жайынча жүргөн киши болуу керек* (Жантөшев).

**ЖАЙЫТ** 1. Мал жайылуучу жер. *Шамбет жайлоого чейин жете барып, жайыттагы малды көрүп кайтты* (Сыдыкбеков). *Айылдын үйлары саалып, жайытына карата бет алдырылган* (Жантөшев). *Жылкы өз жанын өзү багып, жайы-кышы жайыттарда жүрө берет* (Убукеев). 2. Жай, орун, мекен. *Жайытың жайсыз болгондур, Жалгызым деп зыркырап* (Токтогул). *Жайытым жаман тарыды, Жалдырап көңүл арыды* (Токтогул).

**ЖАЙЫТТУУ** 1. Жайыты бар, жайыты көп. *Кең жайыттуу көркөм жайлоо Көк-Ойрок, Аралаша айыл конгон суу бойлоп* (Осмонкул). 2. Ыңгайлуу, оңтойлуу, жайлуу. *Жериң кара, Мал чарбага жайыттуу* (Калык).

**ЖАК I** 1. Тарап, багыт. *Жума төр жакка барып отурду* (Жантөшев). *Арка жактан келаткан үч атчан Шабыраалынын үнүнөн улам кайрыла калышты* (Байтемиров). 2. *грамм.* Сөз болуп жаткан тараптардын сүйлөөчү, тыңдоочу жана сөзгө катышпоочу болуп үч топко бөлүнүшүн билгизүүчү грамматикалык категория.

**ЖАК II** Жарандык укуктун субъектиси катары сот алдында доочу же жоопкер болууга акылуу адам же жамаат. *Юридикалык жак, Физикалык жак.*

**ЖАК III** 1. Купулга толуу, көңүлгө төп келүү, жагымдуу таасир берүү, жакшы элес калтыруу, түзүк катарында эсептелүү. *Темирдин шар сүйлөгөнү, ачык мүнөзү Исага жакты* (Сасыкбаев). *Өнөрүң болсо өргө чап, Эмгегиң менен элге жак* (Токтогул). *Көңүлүмө жагат деп, көрүнгөнгө дос болбо* (макал). 2. Сиңимдүү болуу, пайдалуу болуу (мисалы, тамак, дары, аба ж.б.). *Кадырлап берген тамагы Жакпай жатат өзүмө* («Эр Төштүк»). *Дайындуу ооруң бар болсо, Дарысын ичсең жакпайбы!* (Осмонкул).

**ЖАК IV** 1. Тамызуу, күйгүзүү, тутантуу, жандыруу, күйүү процессине кабылтуу. *Казан асып, от жаккан, Кар эритип, муз чапкан* (Тоголок Молдо). *Биз бактылуу балабыз, Ырдап костёр жагабыз* (Токомбаев). 2. Жарык кылуу. *Барпы чырак жагып, Сасыкбайга сураган акчасын берди* (Байтемиров).

**ЖАКА** 1. Кийимдин адамдын моюну туура келген жерине ылайыкталып тигилген бөлүгү. *Кайырма жака. Тик жака. Көйнөгүнүн жакасы жалжайып, каректери балбылдайт* (Айтматов). 2. Суу, көл ж.б. жээги, чети, бою. *Жаркырап аккан чоң суусу, Жакасы салкын көлөкө* (Үсөнбаев). 3. Тоо этеги, тоо алды. *Акбар бирде жайытта малда болсо, бирде жакада дыйканчылыкка барат* (Убукеев). *Тоолоруң ай, жакаң ай, Жайкалган жашыл жериң ай* (Осмонов). *Жакадан бозой келет деп Жа- талбай үйкуң качкандыр* (Сарногоев).

**ЖАКА-БЕЛ** Кандайдыр бир нерсенин чет жагы, тегерек-чети, чет-жакасы. *Айылдын жака-белинде эч адам көрүнбөдү* (Жантөшев). *Жака-бели ызы-чуу, Айланып учуп өрдөк, куу* (Бөкөнбаев).

**ЖАКА КОЛДО, ЖАН УЯДА** *к.* **жан уяда, жака колдо.**

**ЖАКАДАН АЛУУ** 1. Доосун, жеп-ичкенин күч менен доолап алуу, катуу талап кылып өндүрүп алуу. 2. Сөзгө келбей беттен алуу, катуу тийүү. *Жакадан алганыңды койбойсуңбу?*

**ЖАКАЛА** 1. Жакадан алуу, урушуу, туткактоо, чырдашуу максатында жакадан кармоо. *Мен да балага жакалап жооп бердим* (Элебаев). *Жаман менен дос болсоң, Жарым тыйын доолашып, Жабыркатат жакалап* (Осмонкул). 2. Жака бойлоп жүрүү, жээктөө, бир нерсенин чети менен кыркалап өтүү, бойлоо. *Кашкардын кара тоосун жакалап, Эрикпей Төштүк жол жүрүп* («Эр Төштүк»). *Сай жакалай сагызган Салпактады эңиштеп* (Бөкөнбаев). *От жакалай отура кетти да, бир тизесин тонунун өңүрүнө катты* (Абдумомунов).

**ЖАКАЛАТ** **жакала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКАЛАШ** Бирин-бири жакадан алышуу, жакадан алышып кармашуу, урушуу, *Жаалданып экөө тең, Жакалашып калышты* («Манас»). *Чыр чыкты, жакалаштык, тепкилештик* (Үмөталиев).

**ЖАКАЛАШТЫР** **жакалаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Жөн жерден эки кишини жакалаштырып коюп басып жүргөн өнөрүңө баракелде, чуу куйругум* («Чалкан»).

**ЖАКАЛАШУУ** **жакалаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКАЛОО** **жакала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКАЛУУ** Жакасы бар, жака салынган. *Тик жакалуу боз кемселинин этектери делдек-делдек этет* (Байтемиров). *Саңсаң жакалуу ичигинин белин Бары кайыш кур менен бүйрө курчанган* (Жантөшев).

**ЖАКАЛЫК** Жака болорлук, жака салууга ылайык, жака жасоого арналган. *Жакалык кара көрпө. Бир жакалык кундуз.*

**ЖАКАСЫ АГАРБОО** Оңоло албоо, жары-

боо, жакырчылыктан кутула албоо. *Айтике Ашымахундун кол алдында беш жыл жүрсө да жакасы агарбады* (Токомбаев).

**ЖАКАСЫЗ** Жакасы жок, жака салынбаган. *Жакасыз көйнөк. Жакасыз чапан.*

**ЖАКАСЫН АГАРТУУ** Жакын санаалаштар күтүүсүз келип түшкөндө, маанектеп турса, ырымын жасап, көйнөк кийгизүү.

**ЖАКАСЫН КАРМАНУУ** 1. Таң калуу, жакасын кармануу, айран-таң болгондук. *Калктын баары таң калды, Жакаларын карманды* (Токтогул). *Эне сүтү оозунда деген береги баланын кылган иштерине жака карманышты* (Акматов). *«Ойтобо», дешти аны көргөндөр жакасын карманып, «ушул кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган бул кишинин колдоочусу бар экен...»* («Кыргызстан аялдары»). *Мунум сыртка чыкпай, ичимден айтылганын кийин билип, жакамы карманып, өзүмө бир ыраазы болдум* (Казакбаев). 2. Корккондо, укмуштуу окуяны укканда, апкаарып, шаштысы кеткенде ж.б. жакасын кармап кудайга жалынуу, тобо кылуу. *Чын эле жаканы кармана турган жорук. Ачарчылык аз келгенсип, кызылча, келте каптады, – деп жакасын карманып, мөгдүрөп турушту* (Бердикеев). *Кудай өзүң колдой көр, алааматтан сактай көр, – деп кемпир калтаарып, жакасын карманды* (Жантөшев).

**ЖАКАСЫНА ЖАРМАШУУ** Бучкактап коё бербөө, асылып алуу. *Жакасына жармашып жүрүп, эптеп аны колго тийгизди* («Кыргызстан маданияты»). *Жакасына жармашып, этегине эрмешип жүрүп, эптеп макулдаттым* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАКАСЫНАН КОЛУ КЕТПӨӨ** *к.* **Колу жакасынан кетпөө.**

**ЖАКЕНДОС** Жер төшөк, төшөк. *Төргө салынган жакендоско барып мандаш токунуп отурду да, өпкөнүн эстеп өксүп жибере жаздады.*

**ЖАКЕР** Кызматчы, малай. *Соодагерге жакер болуп баргамын.*

**ЖАКЕТ** Аялдардын үстүңкү, сырткы кийими.

**ЖАКЖАЙ** *туурасы:* **жагжай.**

**ЖАКИ** Же, же болбосо деген мааниде колдонулат. *Өмүрүмдө кишиге жамандык кылган, жаки болбосо, бирөөнүн акысын жеген жан эмесмин* («Чалкан»).

**ЖАКТА** 1. Кубаттоо, бирөөнү колдоо, бирөөлөр тарапта болуу. *Ар дайым, жаңылыкты жактайбыз* (Сыдыкбеков). *Кең мамлекеттин менчигине өтүшүн гана жактайбыз! – деп күркүлдөштү шахтерлор* (Сасыкбаев). *Байбиченин сөзүн кээ бирөө жактап, кээси кулак каккан жок* (Байтемиров). 2. Талкууга сунуш кылынган иштин, жобонун (диссертация, проект, дипломдук иш ж.б.) атайын заседаниеде кабыл алынышына жетишүү, аларды коргоо. *Кандидаттык диссертациясын жактады. Дипломдук ишин ийгиликтүү жактады.* 3. *грамм.* Этиш сөздөрдү үч жак боюнча жак, сан, чак формалары менен өзгөртүү.

**ЖАКТАЛ** **жакта** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАКТАМА: жактама ат атооч** *грамм.* Жалпыланган заттык маанини үч жактын бирине, жекелик же көптүк санга тиешелүү кылып көрсөткөн, сөз өзгөртүү системасы менен өзгөрө алган ат атоочтор, мисалы: мен, сен, биз, сиз, ал, алар, силер сыяктуу сөздөр.

**ЖАКТАТ** **жакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКТАШ** **жакта** этишинин кош мамилеси.

**ЖАКТОО** **жакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКТООЧУ** 1. Колдоочу, кубаттоочу, таламын талашуучу. *Тынчтыкты жактоочулардын саны өсүүдө.* 2. *юр. эск.* Айып коюлган адамды сот процессинде коргоп, жактаган киши, актоочу, адвокат.

**ЖАКТУУ** 1. Тараптуу, тармактуу. *Бир жактуу көз караш. Көп жактуу өзгөчөлүк.* 2. *мат.* Жактары бар, бир канча жактардан турган. *Көп жактуу призма.*

**ЖАКТУУЛУК: бир жактуулук** Бир өңчөй, бир беткей болгондук, бирдей мүнөздүүлүк. *Каармандын өсүү процессин көрсөтүүдө автор бир жактуулукка жол берет* («Мугалимдер газетасы»). *Натыйжада анын ырларында бир жактуулук, олкусолкулук көз караштар да орун алган* («Ала-Тоо»). ‖ **Көп жактуулук.** Ар тараптуулук, көп багыттуулук, көп маанилүүлүк.

**ЖАКТЫР I** 1. **жак II** этишинин аркылуу мамилеси. *Орус калкым, тууганым, Кыялыңды жактырам* (Осмонов). *Егор Ашырдын зээндүүлүгүн да жактырчу* (Сасыкбаев). 2. Туура деп эсептөө, макул табуу. *Бюро шаарды жашылдандыруу жөнүндөгү проектини жактырды.*

**ЖАКТЫР II** **жак II** этишинин аркылуу мамилеси. *Алып кирди от жактырып үйүнө* (Үмөталиев).

**ЖАКТЫРУУ I** **жактыр I** этишинин кыймыл атоочу. *Бул чечимди баштапкы уюм жактырууга тийиш.*

**ЖАКТЫРУУ II** **жактыр II** этишинин кыймыл атоочу. *От жактыруу.*

**ЖАКТЫРЫЛ** **жактыр I** этишинин туюк мамилеси. *Сунуш кылынган пландын долбоору жактырылды.*

**ЖАКУТ** Кымбат баалуу жылтылдаган асыл таш. *Он эки бурап жандырган, Оозуна жакут салдырган, Көздөй көрүп чоң дүрбү* («Эр Төштүк»). *Алтын жакут дилде артып* («Манас» С. К.).

**ЖАКШЫ** 1. Сапаты, касиети, өзгөчөлүгү жагынан талапка ылайыктуу, көңүлгө толорлук. *Жакшы ат. Жакшы кийим. Жакшы үй. Жакшы жол. Жакшы музыка. Жакшы ыр. Жакшы китеп.* ‖ Ылайыктуу, пайдалуу,

орундуу, жөндүү. *Жакшы кеңеш. Жакшы сөз. Жакшы ой.* 2. Кулк-мүнөзү, жүрүш-турушу жагынан үлгү болорлук, моралдык сапаты жагынан жогору (адам жөнүндө). *Жакшы адамдын белгиси – Эл камы үчүн жүгүрөт* (Токтогул). ‖ Ак ниет, жамандыгы жок, жөн билги, үлгү болорлук адам, алдыңкы катардагы. *Жакшыката кетирсе – өзүн жемелейт* (макал). *Жакшыга айтсаң – билет, жаманга айтсаң – күлөт* (макал). *Түзүп чарба, жакшыларга теңдешкин* (Бөкөнбаев). ‖ *сүйл.* Эл ичинде, өз айылында кадыр-барктуу, эл башкарган, эл бийлеген, башкаруучулардан, мыктылардан деп эсептелген адам. *Жамгырчынын ордуна Жакшы, кылып алалы* («Саринжи Бөкөй»). *Ок адамга бир жанды Жакшы коюп салыптыр* («Сейтек»). 3. Көп, мол, арбын. *Дыйкандар быйыл да дан эгиндеринен жакшы түшүм алды.* ‖ Артык, түзүгүрөөк. *Ушул көрөкчө, өндүрүштүн өзүнө барып иштеген жакшы* (Убукеев). 4. Ачык, даана, айкын. *Мендирман жакшы тааныды, Ким экенин үнүнөн* («Мендирман»). 5. Жакшылык. *Кайгырбагын, энеке, Жаман, жакшы баарына, Байыртан балаң бышты го* (Элебаев). *Жаман менен жакшыны, Таасындап билер убагың* («Мендирман»). 6. Абалды, ден соолукту суроодо, саламдашуу, учурашуу же коштошуу иретинде колдонулат. *– Жакшысызбы? Уктук эле оору деп* (Токомбаев). *Жакшыбы жайың, Алмаке, Эмне бизден четтедиң* (Токомбаев). *Кош жакшы калыңыз! – деп Батый да Осмондун колун бекем кысып коштошту* (Сасыкбаев). 7. Баа коюу системасында «эң жакшы» деген баллдан кийинки баа катарында колдонулат. *Экзаменди жакшы деген баага тапшырды. 8.* Жарайт, болуптур, макул деген сыяктуу ырастоо маанисинде да колдонулат. *Жакшы, бара тур, Жакшы, кийин сүйлөшөлү.*

**ЖАКШЫ АТТУУ БОЛУУ** Бирөөгө жагынуунун, жакшы көрүнүүнүн аракетин жасап, ичи-койнуна кирүү, кошомат кылуу. *Бошкой жакшы аттуу болуу максатында мыктыларын мактай келип, Тоголок Молдону мыскылдай ырдаганда, анын жойпулугу, жасакерлиги мыктыларына жакты* (Бейшеналиев).

**ЖАКШЫ БОЛУУ** Айыга баштоо, оңолуу. *Карып оорусунан жакшы болду* (Жантөшев).

**ЖАКШЫ КӨРҮҮ** 1. Урматтоо, кадырлоо, жакын саноо сезиминде болуу, берилгендик, жакындык сезимде болуу. *Айгүл байкесин жакшы көрөт.* 2. Ашык болуу, сүйүп калуу, көңүлү берилип калуу. 3. Өзгөчө жактыруу, каалоо, эңсөө (мисалы, тамакты). *Тагай беш бармакты жакшы көрөт.*

**ЖАКШЫ ЧЫКМА** Мыкты, акылдуу, ишенимдүү. *Ысымы төрө, таяке, – деди Токтогул, – «төрө» десе төрөдөй, бир суу элдин жакшы чыкмасы, ниети ак, кара кылды как жарган калыс баласы* (Касымбеков).

**ЖАКШЫЛА** 1. Бирөөнүн же бир нерсенин жакшы жагын чыгаруу, жакшы сапаттарын көрсөтүү. 2. Бир нерсенин сапатын мурункусуна караганда түзүк кылуу, дурустап оңдоп коюу. *Башкарманын кабинети жакшылап жасалган* (Жантөшев). *Силер аны жакшылап уюштургула.* 3. жакшылап формасында. *м.* Дурустап, түзүгүрөөк, жакшы, көңүлгө толо тургандай. *– О, кадырман достум, келчи жакшылап. көрүшөлү!* (Абдукаримов). *Акылыңды жыйнап, шашпай жакшылап жооп бер* (Жантөшев).

**ЖАКШЫЛАН жакшыла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАКШЫЛАТ жакшыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКШЫЛОО жакшыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКШЫЛЫК** 1. Жакшы мамиле, жакшы тилек, жакшы иш, пайдасы тийгендик. *Сенин ошол мени ачкачылыкта сактаган жакшылыгыңды эки дүйнөдө унутпайм* (Абдукаримов). *Ушул жерден бир жакшылык кылдыңар, садагаң кетейиндер,– деди чал* (Элебаев). *Бактыга жараша жарк этип жакшылык болуп калса, бир күнү келип калармын* (Жантөшев). 2. Жакшы сапат. *Сылык мүнөз, адептүү, Жакшылыктын өрнөгү* (Осмонов). *Токтогул элди эмгекке, жакшылыкка үндөгөн* (Бөкөнбаев).

**ЖАКШЫЛЫКТУУ** Түзүгүрөөк, дурусураак, ойдогудай, көңүлдөгүдөй. *Ойноок бала жакшылыктуу оттоткон да эмес окшойт* (Бейшеналиев).

**ЖАКШЫЛЫКЧА** Жакшы сөз менен, жайынча, чыр-чатаксыз. *Ким болсоң да бери бас, жакшылыкча сүйлөшөлү* (Жантөшев).

**ЖАКШЫНА жакшынакай** менен бирдей. *Күзгү Ысык-Көл кандай сулуу, кандай жакшына!* (Абдумомунов). *Жакшына гүл! Бура тар ким көңүлүн* (Үмөталиев).

**ЖАКШЫНАКАЙ** 1. **Жакшы** менен бирдей. *Кечеде жакшынакай ойлор айтылды.* 2. Татынакай, көркөм, кооз, сулуу, жагымдуу көрүнүш. *Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагысы келди* (Сыдыкбеков). *Жакшынакай көпөлөк, Мынча учасың көкөлөп* (Үмөталиев). *Соолутпай жакшынакай сактоо үчүн, Жайкалган жайкы гүлдөй кырчын жашын* (Маликов).

**ЖАКШЫР** Түзөлүү, оңолуу, мурункусуна караганда түзүк абалга келүү. *Ден соолугу жакшыра берди. Иш бир топ жакшырды.*

**ЖАКШЫРТ жакшыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКШЫРУУ жакшыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКЫН** 1. Ортодогу аралыгы жагынан алыс эмес, жуук. *Жолдош Жапек жакын жерде эл жайлаган жер бар экенин билесизби?* (Жантөшев). *Ууз кымыздын жыты*

*жакын олтурган Элебестин мурдуна бур дей түштү* (Сыдыкбеков). 2. Тууган-туушкандыгы жагынан жакындыгы бар, бөлөкбөтөн эмес. *Абаке, иниңмин деп айткан ким бар? Деги, айтор, жакыныңмын иши кылып* (Осмонов). *Жалгыз чалын тентиретпей көз салып, Жакындары баксын деди агасын* (Токомбаев). 3. Достугу, жолдоштугу, мамилеси, ымалаштыгы ж.б. жагынан жакындыгы, байланышы бар. *Жалгыз аттуу кедейдин Жакыны болгон Токтогул* (Барпы). *Улуу орус баатыр эл, Боордош тууган жакын эл* (Үмөталиев). 4. Сүйкүмдүү, ысык, сүйгүнчүктүү. *Тоодогу түн дагы жүрөккө жакшы сезилет* (Байтемиров). 3. Тектештиги, окшоштугу, жалпылыгы бар, бири-бири менен байланыштуу. 5. Мезгили, убактысы жагынан алганда жакындап калган учурду, чукулдап аз калган учурду көрсөтүүдө колдонулат. *Таңга жакын Курман кош атын жетелеп алдыга жөнөдү* (Убукеев). *Коштошуп колун кармашып, Жакын калды жөнөргө* («Курманбек»). 6. Чамасында, болжол менен, ошого барабар болгон, жете бербеген (сан, ченем, өлчөмгө карата). *Эки жарым миң гектарга жакын сугат жер. Жүзгө жакын окуучу.* 7. Бир нерсеге шыгы бар, байланыштуу, катышы бар, талапташ. *Кадыркулдун өз атасы Ногой да малга жакын адам болгон* (Каимов). *Уста устага жакын* (Байтемиров). *Мен башынан эле аңчылык ишине, мүнүшкөрлүк жагына жакын кишимин* («Ала-Тоо»).

**ЖАКЫНДА I** 1. Чукулдап келүү, жакын аралыкка келүү. *Араң турган Кычан обдулуп беркилерге жакындады* (Бейшеналиев). *Салам берип, мен жакындай бергенде, Ызаат кылып жаштар тура калышты* (Токомбаев). 2. Жакын аралыктан чыгуу, жакын арадан угулуу, туюлуу, сезилүү. *Булбул үнү мурункудан алда канча жакындады* (Жантөшев). *Мынакей, жакындады ат дүбүртү* (Бөкөнбаев). 3. Мезгили, убактысы жагынан аз калуу, белгилүү бир мезгил, убакыт, окуя ж.б. болоруна чукулдап калуу. *Эл жатууга жакындап калды* (Жантөшев). *Жай бүтүп күз аяктап, кыш жакындап* (Осмонов). *Жакындаса карылык, Кетирет экен тынчыңды* (Тоголок Молдо). 4 Кандайдыр бир чекке, сан өлчөмүнө жете жаздап калуу, аз калуу. *Дубалдын боорундагы саатты караса, он экиге жакындап калыптыр* (Байтемиров). *Алтымышка жакындап, Айыл-үйдөн четтетти* (Токтогул). 5. Мамилеси, өз ара катнашы, байланышы жагынан жакын болуу, жакын ымалада болуу. *Жайыңды айтсаң жакындайт Акылы бар курдашка* (Осмонкул). *Жаны-дили сүйбөсө, Жакындаба сулууга* (Калык). 6. Жакындыгы, окшоштугу болуу, бири-бирине жакын келип, окшоп кетүү. *Бул экөөнүн ойлору эки башка, бириники бириникине жакындабайт. Бул эки чыгарма мазмун жагынан бири-бирине абдан жакындайт.*

**ЖАКЫНДАГЫ** Жакын аранын ичиндеги, жакын арада болгон. *Жакындагы жоболоңдуу окуя үчүн Салык Мамбеткулду күнөөлөйт* (Каимов).

**ЖАКЫНДАТ жакында** этишинин аркылуу мамилеси. *Ошол күндөн тартып кандайдыр бир кубат мени Лизага жакындата баштады* (Жантөшев).

**ЖАКЫНДАШ** 1. **жакында I** этишинин кош мамилеси. *Күүлөнтүп балбан атын баатыр Тиштэяк Куушуруп, Аксакалга жакындашты* (Маликов). 2. Бири-бирине жакындыгы болуу, катышы болуу, байланыша баштоо, жакын мамиледе болуу. *Жаштар бат эле бири-бири менен таанышып, жакдашып алышат* (Баялинов). *Жакындашпай алыс жүр Жандан кечкен сүткорго* (Токтогул).

**ЖАКЫНДАШТЫР жакындаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКЫНДАШУУ жакындаш** этишинин кыймыл атоочу. *Мындай маданий жакындашуулар орус элинин алдыңкы көз караштагы окумуштуулары тарабынан башталган* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАКЫНДОО жакында** этишинин кыймыл атоочу. *Табыш уламдан-улам жакындоодо* (Жантөшев).

**ЖАКЫНДЫК** 1. Арасы алыс эместик, чукулдук, ыраак эместик. *Силерге караганда, шаар бизге жакындык кылат.* 2. Туугандык, тууган-туушкандык, жакшы жолдоштук, достук. *Асан Сабырга жакындык кылды* («Ала-Тоо»). 3. Типтештик, тектеш, окшош болгондук, айырмасы аздык. *Тилдердин жакындыгы.* ‖ *Ой-пикирлери, санаалары бири-бирине жакындык кылбаса, экөөнүн мынчалык достошуп кетиши мүмкүн эмес эле* («Чалкан»). 4. Бир нерсеге шыгы бардык, шыктуулук, катышы бардык. *Амантур китеп, газета журнал менен жакындыгы жок адам* (Убукеев).

**ЖАКЫНКЫ** Тез аранын ичинде, аз убакытта, боло турган, жакында болуучу. *Жакынкы күндөрдө каралуучу иш.*

**ЖАКЫНСЫ** Бирөөгө боор тартуу, туугансынуу, өзсүнүү, бирөөнү өзүнө тартып жакындоо, өзүн жакын саноо. *Бала жакынсып калат. Дилварды аяп, жакынсып бышак, Айткансыйт көңүл келип үч убак* (Абдыраманов). *Жакынсып кытмыр жабышса, Тез эле кетчү зат эмес* (Токомбаев).

**ЖАКЫНЧЫЛ** 1. *сейр.* Тууганчыл, туугандарына, жакындарына жан тарткыч. *Тууганына жакынчыл.* 2. Жакын аралыкка мыкты чуркай турган (атка карата). *Жакынчыл күлүк.*

**ЖАКЫНЧЫЛЫК** *сүйл.* Тууган-туушкандык, көңүл жакындыгы, жакын саноочулук. *Жакынчылык мамиле. Атасы жагынан жакынчылыгы бар.*

**ЖАКЫР** 1. Абдан кедей, жарды, турму-

шу начар, оокат-тиричиликтен кысылган букара. *Күндүк ырыскысын күндө өз кесибинен издеген жакыр мергенчинин кызымын* (Сыдыкбеков). *Чөпкө бергис такыр бар, байга бергис жакыр бар* (макал). 2. *сейр.* Эч нерсе өспөгөн, такыр, кумдак, таштуу жер. *Кайып буту баспаган, Жакыр жерге өстүрдү* (Токомбаев). *Мындан бир нече жыл илгери азыркы гүлдөп турган көл бою өзүнчө жаткан абдан жакыр жер болуптур* (Убукеев).

**ЖАКЫРДАН** *туурасы:* **жакырлан.**

**ЖАКЫРДЫК** *туурасы:* **жакырлык.**

**ЖАКЫРЛАН** Жакыр болуу, жардылануу, турмуш абалы начарлоо, кысылуу. *Айыпсыз урган, сөккөн, бетсиз зулум, Төлөйсүң жакырланган элдин кунун* (Барпы).

**ЖАКЫРЛАНДЫР** **жакырлант** менен бирдей.

**ЖАКЫРЛАНТ** **жакырлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАКЫРЛАНУУ** **жакырлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАКЫРЛЫК** Жакыр болгондук, кедейлик, жардылык. *Мал-оокаттан айрылып, Жакырлыкка таянды* (Тоголок Молдо).

**ЖАКЫРЧЫЛЫК** Кедейлик, жакырдык, жардылык, колунда жоктук, кембагалдык. *Андагы болгон мурунку Жакырчылык жоюлду* (Үмөталиев). *О, кууратkan жакырчылык, жанымды күйгүздүң ээ!* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛ** 1. Кээ бир айбандарда моюндун кырына узатасынан чыккан кыл. *Алымкул аттын жалынан тарай баштады* (Абдукаримов). *Аргымак көркү жалында, Алманын көркү шагында* (Токтогул). 2. Жылкынын мойнунун кырындагы узатасынан кеткен майы, майлуу бөлүгү. *Арыктатып агытса, Алты күндө жал алган* (Калык). *Карта, чучук, жалын жеген ар адам, Кайра дагы бир жесем деп кызыккан* (Осмонкул). 3. Кыр-кыр болуп узатасынан кеткен тилке, кыр болуп турган кырка жээк, кыр сыяктанып жондонуп кеткен жөөк. *Булактын боюндагы көгүлтүр жалбыздар жал сыяктуу көрүнүүчү. Эгиндин арасынан жал-жал тарткан арыктар өтөт* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛ-КУЙРУГУ ТӨГҮЛГӨН** Сын-сыпаты келишкен, мыкты, сындуу (жылкыга карата). *Тигил жал-куйругу төгүлгөн кашка жоргону өзүң мин, – дейт* («Ала-Тоо»).

**ЖАЛА** 1. Бир нерсени тилге тийгизүү, тилге жугузуу, тилге жугузуп тамактануу, жалмалоо. *Май кармаган бармагын жалайт* (макал). ‖ Тили менен сылоо, сыдыруу, аарчуу. *Аскада бир тоо эчки жаңы тууган, Улагын телчите албай жалап турган* (Шүкүрбеков). 2. *өт.* Тызылдатуу, кааруу *(көбүнчө* суук, шамал ж.б. карата). *Чилденин суугу зыркырап, бети-башты жалайт* (Жантөшев).

**ЖАЛАА** Жалган жеринен бирөөгө коюлган күнөө, шылтоо, доо, жалган айып. *Күндөрдүн биринде Каныбек жалаа менен доого жыгылды* (Жантөшев). *Кайсы үйүң күйгүрдүн жалаасы экенине көзүм жетпейт* (Бейшеналиев). *Атаң менен тең Салыкка жалаа жап-кандан уялбайсыңбы?* (Каимов).

**ЖАЛАА ЖАБУУ** Бирөөнү ак жеринен каралоо, бирөөгө жалган жеринен күнөө коюу. *Орунсуз жалаа жаппагын* (Осмонкул). *Атаң менен тең Салыкка жалаа жаппагын* (Осмонкул). *Албетте, жок жерден жалаа жаап жатса, кимдин жүрөгү күйбөсүн!* (Байтемиров). *Жаназа, доорон деп баарын, Сен аласың, Жалаасын мага жабасың* (Шүкүрбеков).

**ЖАЛААГА ЖЫГЫЛУУ** Доого жыгылуу, сөзгө жыгылуу, доого, айыпка кирептер болуу. *Ак жеринен жалаага жыгылган бечара Саман кулактын таламын ким талашат* (Баялинов).

**ЖАЛААЛУУ** Кандайдыр бир жалаага кабылган же жалаа жабылышы мүмкүн болгон. *Жалаалуу иш.*

**ЖАЛАК** 1. Туз сураган мал же кийиктер жалай турган шор жер, шорчо, марча. 2. Эринге чыккан жара, желки. 3. Сурангандан уялбаган, жалаңдаган ач көз. *Жаш кезиңден эр жигит, Жалак болуп суранба* (Токтогул).

**ЖАЛАКАЙ** Кандайдыр бир ишти аягына чейин иштей албаган, чыдамы жок, акырына чыга албаган тийип-качма. *Жалкоодо амал көп болот, Жалакай өскөн жашында* (Тоголок Молдо).

**ЖАЛАКАЙЛАН** Жалакайлык кылуу, чыдамы кетүү, чыдамсыздык кылуу, иштин аягына чейин чыга албоо, чыдай албоо. *Убактылуу кыйынчылыкка жалакайланып кейүүчүлөр чыкпасын* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛАКАЙЛАНУУ** **жалакайлан** этишинин кыймыл атоочу. *Алардын арасында жалакайлануу жок* (Жантөшев).

**ЖАЛАКАЙЛЫК** Чыдамы жоктук, иштин аягына чыга албай тийип-качуучулук. *– Отур, Алым, Жалакайлык кылба* (Жантөшев). *Мен чыдаганда, сеники жалакайлык эмеспи* (Каимов).

**ЖАЛАКОР** Жалаа жабуучу, жалаа жапканды жакшы көргөн, ошого умтулган. *Жалакор адам жарыбайт* (Токтогул).

**ЖАЛАКОРЛУК** Жалаа жабуучулук, жалаа жабууга умтулгандык, жалаа жапканды жакшы көргөндүк.

**ЖАЛАКТА** Жалаңдоо, көз артуу, шыпылдоо, колдон суурулуп шыпылдоо. *Жалактап сагызгандай жойпуланган* (Токомбаев).

**ЖАЛАКТОО** **жалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛАЛ** 1. Даңктуу, улуу. 2. *өт.* Энчилүү ат.

**ЖАЛАМ** Тил менен бир гана жалап алгыдай өлчөмдөгү кичинекей, өтө аз. *Жалам талкан.*

**ЖАЛАМА** Жылма, илинер урунчугу жок,

жылмакай, бодурсуз. *Зооканын алды жалама аска* (Каимов). *Найман уста Чоң-Нарын өрөөнүнөн Тарайга өткөн жердеги жалама жарды, кетмен, чукулдук менен кесип, мал жүгү менен көч өткөндөй кыя жол чапкан* («Заман Кыргызстан»).

**ЖАЛАМАЛУУ** Жылмакай, жыпжылма, жалама беттүү. *Заңкайып жаламалуу ар кыл зоолор* (Бөкөнбаев).

**ЖАЛАН** 1. Көбүнчө эриндерин, ууртта-рын ж.б. тил менен жалмалоо, жалоо, тилдин учун тийгизүү. *Таңдайы кургап Алмамбет, Оозун улам жаланып* («Манас»). *Мышык Динар жакка карап, ууртун кыймылдатып жаланып койду* (Сыдыкбеков). ‖ Сугалактанган, жутунган, демиткен абалда болуу, жалмандоо. *Жаланып турган ойрондор турабы, Жолоочуга жабыла минди* (Элебаев). *Эртеси күнү Аманды, Өлтүрөм деп жаланды* (Тоголок Молдо). 2. Каарыган же жаландаган сыяктуу муздак шамалдуу. *Жаланган суукка солк этпес, Жигиттин жайын айталы* (Маликов).

**ЖАЛАНТ жалан** этишинин аркылуу мамилеси. *Кылычын алып жалаңдатып, Аркасынан кыш жетет* (Тоголок Молдо). *Жайжарагын жайланып, Жалантып кылыч байланып* («Сейтек»).

**ЖАЛАНУУ жалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛАҢ** 1. Башка эчтемеси жок кошумчасыз, бир гана, жалгыз. *Үстүмдө жука жалаң көйнөк* («Ала-Тоо»). *Тагай өрмө камчы менен чапканда жалаң көйнөк менен турган Алымкулдун эти тыз эте түштү* (Абдукаримов). 2. *бөл. м.* Чылк, өңчөй, ылгый, бут. *Катар-катар Жалаң жаштар, Ала-Тоонун шамалындай эргиген* (Нуркамал). *Кол жуктуу кезде тердикти жалаң кара козунун жүнүнөн уюткамын* (Бейшеналиев). ‖ Жылаңач, жабылбаган. *Жалаң аяк. Жалаң эт.*

**ЖАЛАҢ ЖҮЗ** Сөзүндө тура албаган, туруксуз, уяты жок. *Шыпылдаган жалаң жүз жигит көрүнөт, – деп апам аны бир көргөндө эле жактырган жок* («Ала-Тоо»).

**ЖАЛАҢ ТОНДУУ, ЖАЙДАК АТТУУ** Эч нерсеси, эч кимиси жок, жалгыз өзү, кара башы, колунда жок, жоксуз. *Жапар сыяктуу жалаң тоңдуу, жайдак аттууга Алтынайды бербейм, – деди Субан* (Жантөшев). **В.: Жалаң тондуу, жалгыз аттуу.** *Күнүгө жаңыланып сүйлөгөн аңырт сөздөр – жалаң тондуу, жалгыз аттуу кембагалдардын үрөйүн учурат* (Осмоналиев). Жалгыз ат, жалаң тондуу. *Буга окшогон жалгыз ат, жалаң тондуулар төбөгө чыга турган болду, – деп бай купуя кекенип отурду* («Кыргызстан маданияты»). *Башың ооган жакка бастыра бергидей, жалгыз ат, жалаң тондуу дейди эмессиң* (Бейшеналиев).

**ЖАЛАҢ ТӨШ** Ыксыз кайраттуу, баатыр. *Атагы дабан ашкан аттуу-тондуулар, кылычы кынына батпаган, кыйла-кыйла жалаң төш, оёндорду көрдү элем го* (Даникеев).

**ЖАЛАҢГЫЧ** *туурасы:* **жалаңкыч.** *Жалаңкычтын өзү ошол* («Манас» С. К.).

**ЖАЛАҢДА** 1. Шыпылдаган, шамдагай көрүнүштө болуу, өткөрө өтүмдүү, шылуун болуу, жулунуп-жутунган мүнөздө болуу. *Болуштарга жагынып, жалаңдап турган бир топ кызыл тебетей жасоолдор жүрөт* (Элебаев). 2. Абдан өткүр, курч болуу (көбүнчө бычак же миздүү кынсыз куралдар жөнүндө). *Жалаңдаган канжарын, Жүрөгүнө маларда* (Үмөталиев). *Бычактын мизи жашыл тартып жалаңдаганда чарыкчы бармагын жонуп көрдү* (Сасыкбаев). *Кылычы жанда жалаңдап* («Эр Табылды»). 3. Каарууу (мисалы, катуу суук жөнүндө). *Жаш кар, жалаңдаган аяз жаныбарлар дүйнөсүнүн тиричилигин да жаңыртат* (Каимов).

**ЖАЛАҢДАТ жалаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Өкүмсүнүп жалаңдатты бычагын, Кантип анын кордугуна көнөбүз (Токомбаев).*

**ЖАЛАҢДОО жалаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛАҢКЫЧ** 1. *миф.* Өлүм, ажал келтирүүчү жан алгыч, жан алуучу. *Балааның кара көзү экен, Чын жалаңкыч өзү экен* («Сейтек»). 2. *өт.* Үрөйү суук, түрү суук, коркунучтуу. *Көрбөгөн чоочун үч киши, Жанына чуркап келишти, Жалаңкыч түрү көрүнүп* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАЛАҢКЫЧТАЙ** Адам корко тургандай, абдан коркунучтуу. *Жалаңкычтай жоо чыгып, Жаман мүшкүл доо чыгып* («Сейтек»).

**ЖАЛАҢТЫК** 1. Жука, жалаң кат, ичи жок, ичтелбеген, бир кат. *Каным эже бирөөнүкүнөн жалаңтык бейказам чапан сурап келди* (Бейшеналиев). 2. Теринин бир жери жараланып же карты сыйрылып, тегереги кызарып жукарып калган учуру. *Колум кызыл жоор болуп жалаңтык боло түшкөн экен* (Каимов).

**ЖАЛАТ жала** этишинин аркылуу мамилеси. *Сарай ичин борумдап, Алтын менен жалаткан* («Мендирман»).

**ЖАЛАЯК** Жаш баланын астына салынуучу, төшөлүүчү чүпүрөк. *Баланын суу жалаякка жатып калышынан абдан сакташ керек* («Ден соолук»). *Айымкан Абылдын жалаяктарын кордун табына жылытып отурган* (Осмоналиев).

**ЖАЛАЯК ООЗ** Эпсиз жалжайган, өтө эле жалжагай чоң ооз. *Жалаяк ооз, жар кабак, Жаагы жазы, ээги узун* («Манас»).

**ЖАЛБА: жалба-жулба** Дал-дал айрылган, самсаалап жыртылган. *Кийимдери жалба-жулба.*

**ЖАЛБАГАЙ** Эриндери калбыйып эпсиз чоң, жалжагай. *Жалбагай ооз, жар кабак, Адамда мындай болобу!* («Семетей»).

**ЖАЛБАР** 1. Эркелеткен мээримдүү сөз-

дөр айтуу, жалынуу. *Зуура келинине жалбарып бетинен өпкүлөйт* (Сыдыкбеков). *Турдукан уулуна энелик мээримин төгүп, жалынып-жалбарды* (Бейшеналиев). 2. Жалынып өтүнүү, жалдырап суранууу. *Көрүнгөндөн таяк жеп, Жетимче Тургун жалбарган* (Барпы). *Уулбала болор-болбос дирилдеп, Туяктын көзүн жалбаргандай тиктей берди* (Токомбаев).

**ЖАЛБАРТ жалбар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛБАРУУ жалбар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛБАРЫН жалбар** этишинин өздүк мамилеси. *Иванов кызынан кечирим сурагандай жалбарынды* (Сасыкбаев).

**ЖАЛБАРЫҢКЫ** Жалбарып өтүнгөн кыяздагы, жалынган сыяктуу, жалынычтуу. *Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы Боздогон муңкайгылуу үн угулду* (Бөкөнбаев).

**ЖАЛБУР-ЖУЛБУР** Дал-далынан бөлүнүп айрылган, самсаалаган, жалбыраган. *Кийиминин тамтыгы жок, жалбур-жулбур.*

**ЖАЛБЫЗ** Медицинада, элдик дарылоодо, парфюмерияда жана кондитер иштеринде колдонулуучу көбүнчө арыктын жээктеринде, суулуу жерлерде өсө турган жыттуу бозомук өсүмдүк, *Жалбыздын жыты буруксуп, Жаныңа жыпар чачкандай* (Бөкөнбаев).

**ЖАЛБЫЗДУУ** Жалбызы бар, жалбыз өскөн. *Жалбыздуу жээк.*

**ЖАЛБЫР** *сейр.* **жалбырт** менен бирдей. *Жалбыр этип от күйдү.*

**ЖАЛБЫРА** Жалбырттоо, жалындоо. *Калтырбай өйдө тартарга алын, Көөдөнүн чалган жалбырап жалын* (Абдыраманов).

**ЖАЛБЫРАК** Өсүмдүктөрдүн абадан азыктануу жана газ алмашуу функциясын аткара турган, түрдүүчө формадагы, көбүнчө көгөргөн жашыл түстөгү органы. Теректин жалбырагы, жоогазындын жалбырагы.

**ЖАЛБЫРАКТА** Жалбырак пайда болуу, жалбырак алуу, жалбырак чыгуу. *Теректердин бутактары калың жалбырактап, түптөрү көлөкөлүү* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛБЫРАКТУУ** Жалбырактары бар, жалбырагы көп. *Алар жалбырактуу акациянын көлөкөсүндө жай баратышты. Ийне жалбырактуу токойлордун ар түрдүү түрлөрү болот.*

**ЖАЛБЫРЛА** *сейр.* **жалбыртта** менен бирдей.

**ЖАЛБЫРОО жалбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛБЫРТ** Көбүнчө жалындын дүрт этип тез боло калышын же жайыла калышын билдирүү үчүн колдонулат. *Куурайдын жалыны жалбырт дей түштү.*

**ЖАЛБЫРТТА** 1. Алоолонуп, жалындап күйүү, жалын көтөрүлүү. *Алоолонуп жалбырттап өрт, Жалын атат асманга* (Токомбаев). *Коломтодо жалбырттаган оттор жанган бойдон кала берди* (Элебаев). 2. *өт.* Өткүр, курч болуу, өтүмдүү болуу. *Жыйырма бешке келгенде жалбырттаган от болдуң* (Токтогул).

**ЖАЛБЫРТТАТ жалбыртта** этишинин аркылуу мамилеси. *Майдан куюп жалбыраттатып от жагып* (Үмөталиев).

**ЖАЛБЫРТТОО жалбыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛГА** 1. Улоо, бириктирүү, улаштыруу, кошуу. *Чоң эне жип жалгап отурат. Эрксизден көрүнүшкө таңыркайсың, Койгондой жаңгак менен ташты жалгап.* 2. *өт.* Колдоо, жакшылык кылуу, жардам берүү маанилеринде колдонулат. *Үйдө труп душманды, Жалгап жүргөн экенсиң!* («Семетей»). *Өлгөнүм тирилгенсийт, О, жасаган, жалгай көр! – деди байбиче* (Убукеев).

**ЖАЛГАМА** Улама, улаштырылган, кошулган, кураштырылган. *Жалгама бут.*

**ЖАЛГАМАЛА** Улоо, улаштыруу, кошуу. *Жалгамалап жасалган төшөк.*

**ЖАЛГАН I** 1. Калп, туура эмес, төгүн, чындыгы жок. *Аны да сурүштүрүп көрдүк, Жалган болуп чыкты* (Жантөшев). *Токто эже, жалган болсо да сүйлөсүнчү! – деди Мукарама* (Жантөшев). || Чыныгы эмес, жасалма. *Жалган расписка. Жалган документ.* 2. *өт. сүйл.* Күнүмдүк дүйнө, бу дүйнө, түбөлүк эмес. *Анык булбул экенсиң, Бу жалганга бир келген* (Токтогул). *Аз күн калды, кош айтам, Жарык дүйнө – жалгандан* («Саринжи-Бөкөй»). *Жалгандан көзүм жумулса, Эсиңден Бөкөй чыгарбай, Сыйлагын менин арбагым* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖАЛГАН II жалга** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖАЛГАН ДҮЙНӨ** Диний түшүнүк боюнча бул дүйнө – жалган дүйнө, өлгөндөн кийин баруучу тиги дүйнө түбөлүктүү, чыныгы дүйнө (кара, батыл). *Ушу жалган дүйнө – деп* («Манас» С.О.).

**ЖАЛГАН КУРАН** Март айынын кыргызча аталышы.

**ЖАЛГАН ТҮШ** Түшкө жакындап калган убакыт. *Күн обого толгондо, жалган түш жаңы болгондо* («Манас»).

**ЖАЛГАНДЫК** Туура эместик, төгүндүк, чындыгы жоктук. *Ал актынын чын же жалгандыгына көбүнүн көзү жеткен жок* (Жантөшев).

**ЖАЛГАНМА** Улаштырылган, жалгаштырылган, кошулган. *Жалганма бөлүк.*

**ЖАЛГАНЧЫ** Калпычы, калп айтуучу, чынчыл эмес. *Туура сөздү билбеген, Жалганчы бар дечү эле* (Токтогул).

**ЖАЛГАНЧЫЛЫК** Калп айтуучулук, алдамчылык, чынчыл эместик.

**ЖАЛГАТ жалга** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛГАШ** 1. Жалга этишинин кош мамилеси. 2. Биринен сала бири уланып кетүү, бири-бирине биригүү, улануу. *Күндөр өтүү менен ай айга жалгашты.* (Жантөшев).

*Кайрат кайнап, Күч-кубатка жалгашып* (Бөкөнбаев).

**ЖАЛГОО жалга** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛГЫЗ** Бирөө гана, бир, бир эле, жеке. *Жалгыз эжем бар* (Сыдыкбеков). – *Эми жалгыз турасыңбы? – деп сурады Жылдызкан* (Байтемиров). *Ажар үй жанында жалгыз отурду* (Жантөшев).

**ЖАЛГЫЗ АЯК ЖОЛ** Бир киши гана жүрө турган, араба же башка транспорт өтүүгө болбой турган тар жол, чубап өтүп жүрүп пайда болгон ичке тар жол. *Жалгыз аяк жол менен Жүрө турсун баатырың, Калың токой чер менен* («Манас»). *Буудайды аралап жалгыз аяк жол кетет* (Абдукаримов). *Кеч кирип күүгүмдөп калган, ...жалгыз аяк жол менен элтеңдеп, эки жагымды каранып басып келатам* («Ала-Too»).

**ЖАЛГЫЗ БОЙ** 1. Бойдок, үйлөнбөгөн (аял же эркек). *Ал киши жалгыз бой болчу* («Жаш ленинчи»). 2. Үй-бүлөсүнө, үй-тиричилигине өзүнөн башка каралашар, кол кабыш кылар кишиси жок (көбүнчө аялга карата). *Эжем, жеңем жаш балдарлуу, жалгыз бой* (Нуркамал). *Жалгыз бойдун оокаты жерге кирсин,– деп кошуна аял чыгып кетти* («Жаш ленинчи»). *Эми жалгыз бой неменин жөлөгү да ураган турбайбы* (Абдукаимов). *Ал киши жалгыз бой болчу* («Жаш ленинчи»).

**ЖАЛГЫЗ-ЖАРЫМ** Бирин-эки, бирин-серин, сейрек, топтошуп жүрбөстөн бириндеген. *Элдияр жалгыз-жарым киши таап сүйлөшөйүн деп турган эле* («Эр Табылды»). *Баягыдай жалгыз-жарым шөлпүлдөп сапарын карыткан жолоочулар көрүнбөйт* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛГЫЗДА** 1. Башкалардан бөлүнүп четтөө, обочолоо, өзүнчө жеке калуу, башкаларга кошулбай калуу. *Жабуусу жаман кара үй, Жалгыздап четке конуптур* (Осмонкул). 2. Жекелөө, көп киши бир кишиге кысымчылык көрсөтүү. *Балдар аны жалгыздап койду.*

**ЖАЛГЫЗДАТ жалгызда** этишинин аркылуу мамилеси. *Касым Надяны жалгыздатып театрга ээрчитип барып, билетти алып берип жөнөткөн* (Бейшеналиев).

**ЖАЛГЫЗДОО жалгызда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛГЫЗДЫК** Ата-энеден жалгыз болгондук, бир туугандары жоктук, каралашар же күйүшөр кишиси жок жеке өзү калгандык, санаалаш, пикирлеши жоктук. *Кабылдын бир жанына жалгыздык батып жүргөн кези эле.* (Элебаев). *Жан күйөр, издер тууган жок, Жалгыздыгым билинди* (Токтогул). *Жалгыздыктын каарын жакшы эле тарттың, эне!* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛГЫЗСЫН** *сейр.* Жалгызсыроо. *Жалгызсынып ойго батуу.*

**ЖАЛГЫЗСЫНТ** Бирөөнү жалгызсыратуу, жекелөө. *Алар көпсүнүп Алымбекти жалгызсынтат да, кычык сөздөрдү айтышып кыжырына тийишет* («Ала-Too»).

**ЖАЛГЫЗСЫНТУУ жалгызсынт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛГЫЗСЫРА** Өзүн жалгызмын деп сезүү, жалгызсынуу, жалгыздыктан эригүү, зеригүү, жадоо. *Жумагүл келгени Кабыл жалгызсырабай тунуп калды* (Элебаев). *Жалгызсырап корксоң же кайгырсаң, үнүңдү чыгарып ырдап жибер* (Токомбаев).

**ЖАЛГЫЗСЫРАТ жалгызсыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛГЫЗСЫРОО жалгызсыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛДА** Бирөөгө акы төлөп жумуш иштетүү, бир ишти аткарууну тапшыруу. *Ысаны жалдап Айтакун, Аштык, чөбүн бактырган* (Тоголок Молдо). *Ремонт үчүн берилген акчага үч-төрт жумушчу колду четтен жалдайбыз* (Сыдыкбеков). *Туугандарга акыл салып ордуна киши жалдап жиберсемби* (Жантөшев).

**ЖАЛДАМА** Бирөөнү жалдап иштетүүчү. *Жалдама иш.*

**ЖАЛДАН I жалда** этишинин өздүк мамилеси. *Рудольф Рейнер деген жыгаччы мастерге жалданып кызматка кирди* (Баялинов). *Жалданып бай колунда жаштайында, Чырмалган жаш жүрөгү муңга катуу* (Бөкөнбаев). *Дунган мындан 15 жыл мурун Үрүмчүдөн бир байга жалданып чыккан экен* (Элебаев).

**ЖАЛДАН II** Кыр болуп жондонгон абалга келүү, жал сыяктуу кыр тарткан көрүнүштө болуу. *Кыр-кыр болуп жалданып буурakандаган көл толкуну.*

**ЖАЛДАНМА** 1. Бирөөгө жалданып иштей турган, жалданып иштөөчү. *Жалданма жумушчулар.* ‖ Жалдоо жолу менен иштетилүүчү. *Жалданма жумуш.* 2. *өт.* Акчага сатылган, акча үчүн эч нерседен кайра тартпаган. *Жалданма баш кесерлер.*

**ЖАЛДАНТ I жалдан I** этишинин аркылуу мамилеси. *Жайы-кышы бир койго, Жалдантасың, жокчулук* (Калык).

**ЖАЛДАНТ II жалдан II** этишинин аркылуу мамилеси. *Машинанын жолунун эки тарабына жалдантып кыкты үйүштү* (Жантөшев).

**ЖАЛДАНУУ I жалдан I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛДАНУУ II жалдан II** этишинин кыймыл атооочу.

**ЖАЛДАП** 1. Алып сатар, кызыл кулак. *Кой семизин тандаган жалдаптар...* («Советтик Кыргызстан»). 2. Соода кылып жаткан, сатуучу жана сатып алуучунун ортосуна түшүп, келиштирүү, макулдаштыруу ишин аткарган адам, далдалчы. *Жалдаптар сыртыңдан бийлеп алганда күйөсүң* (Бейшеналиев).

**ЖАЛДАПЧЫЛЫК** 1. Пайдасына сатуу-

чулук, кызыл кулактык, алып сатарлык. 2. Далдалчылык.

**ЖАЛДАТ жалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛДОО жалда** этишинин кыймыл атоочу. *Карапайым кишилердин мындай зергер устаны жалдоого да кубаты келбейт болучу* (Абдукаримов).

**ЖАЛДООЧУ** Эмгек келишимдин негизинде жумушчуну ишке алган тарап.

**ЖАЛДУУ** 1. Жалы бар, жалы чоң. *Жалдуу болсо – ат, жакалуу болсо – тон* (макал). *Жибек жалдуу, кучак куйрук бээлер бар, Кундуз жүнүн тукабадай кулпунткан* (Осмонкул). 2. Эттүү, эти толук, семиз, жал алган. *Кысырак жалдуу калды* (Тоголок Молдо). *Железден өзүң тандаган жалдуу жылкы кармап жетелет, агаң таарынбасын, – деди Кыдырбай* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛДЫК: көк жалдык** Эр жүрөк, кыйын.

**ЖАЛДЫРА** Эси оогондой шалдайып максатсыз карап отура берүү, кыймылсыз бир нерсени тиктеп калуу. *Эл эчтемеге түшүнбөгөндөй, ар кай жерде жалдырап гана карап отурат* (Элебаев). *Кычан менен Керез тилсиз, кыймылсыз жалдырады* (Бейшеналиев). *Жалдырап тиктеп калды* (Байтемиров). ‖ Бирөөдөн кандайдыр бир жардам күткөндөй, сурангандай жалооруп кароо, жал-жал кароо, өтүнүч кылгандай кароо. *Батыш кыйла сөздөрдү айтып, ар кимге карап жалдырады* (Байтемиров). *Мени да окууга ала кет,– деп жалдырады* (Каимов). *Салык сөздөн айла болбогондон кийин жалдырап ыйлай баштады* (Каимов). 2. Көзү балбылдап жайноо, жалжылдоо. *Жалжал көзү жалдырап, Айнек бети албырды* (Бөкөнбаев). *Түн караңгысында көзүмдү бир жумбай кыял басып жалдырап карап жатам* (Элебаев).

**ЖАЛДЫРАМА** Эч нерсе түшүнбөгөндөй, эч нерсе сезбегендей карап калган абал, нес. *Сага жалдырама тийдиби?* (Жантөшев).

**ЖАЛДЫРАМА ТИЙГЕНСҮҮ** Бир нерсеге катуу ойлонуп дел болгондой, мелтиреп унчукпай туруп калган абалга карата колдонулат. *Мээркан жалдырап туруп калды. Эмне кылаары оюна келбеди. Жөн эле жалдырама тийгенсиди* (Жусупов). *Ал жалдырама тийгенсип, мени көпкө чейин карап туруп, макул дегендей баш ийкеди* (Бердикеев).

**ЖАЛДЫРАМАЙ** *диал.* Жалдырап калуучулук. *Жалдырамайың кармап калдыбы?*

**ЖАЛДЫРАҢКЫ** Өтүнгөндөй, сурангандай жалооруңку абал. *Жалдыраңкы көз караш.*

**ЖАЛДЫРАТ жалдыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Дарманымды кетирип, Жалдыраттың карылык* (Тоголок Молдо).

**ЖАЛДЫРОО жалдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛЖАГАЙ** Жалжайган, чоң болуп кымтылбай ачылып турган. *Акмат жалжагай оозун ыржайта жылмайып койду* (Байтемиров).

**ЖАЛЖАЙ** 1. Ооз эпсиз чоң кере ачылган абалда болуу. *Ал кезде мен да көзүм бажырайып, мурдум дердейип, оозум жалжайып, жасалгалуу бешикте жайдары жашап жаткан чагым эле* («Ала-Тоо»). *Кайраттын түйрүк эрди жалжайып күлүмсүрөп тигиге кайрылды* (Бейшеналиев). 2. Кымтылбай жагжайып ачык туруу. *Көйнөгүнүн жакасы жалжайып, эти көрүнүп каректери балбылдайт* (Айтматов).

**ЖАЛЖАЙМА** *диал.* 1. Жалжагай нерсе. 2. Бош, эрди жалжагай адам.

**ЖАЛЖАЙТ жалжай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛЖАК I** 1. Жалжагай. *Жалжак ооз.* 2. Жалжаке. *Обу жок жалжаңдаган бир жалжак.*

**ЖАЛЖАК II: жалжак-жалжак** Жалжаңдаган абалды, жалжаң-жалжаң эткен көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Жалжак этип күлүп коюу. Жалжак-жалжак күлүү.*

**ЖАЛЖАКЕ** Жалжактаган, обу жок, эси жок, обун таппаган киши. *Ал бир эси жок жалжаке болуп калды окшойт.*

**ЖАЛЖАКТА** Жалжаңдап оозу жабылбай көп күлүү, ыржаңдап күлүп көп сүйлөө, дайны жок эркелей сүйлөп жалжаңдоо. *Жалжактап оозу жабылбайт.*

**ЖАЛЖАЛ** 1. Жоодураган, жалжылдаган, жадыраган абал (көбүнчө көзгө карата). *Жароокер жалжал көзүңдөн, Элестейт өткөн балалык* (Маликов). *Оттуу көзүң жалжал этип, Тартар эле өзүмдү* (Токомбаев). *Жалжал караган көзүңдөн айланайын, жылдызым,– дейт Чоң эне небересине* (Сыдыкбеков). ‖ Кандайдыр бирөөдөн жардам күткөндөй жалдыраган, өтүнүчү бардай караган абал. *Гүлайым Садырдын сөзүнө түшүнбөй, эмне айтарын билбей жалжал карады* (Жантөшев). *Жалжал карайт жетимсирейт, Үн жок, сөз жок балапан* (Токомбаев). *Керездин ызакор чекир көзүн жаш чайып, жездесине жалжал тигилди* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Жактырган селки, сүйүктүү аял заты. *Жоодураган жароокери, сүйгөнү, Жалжалым деп муюшуп, Караганы бозойдун* (Турусбеков). *Жоготкон жогун тапкан бактылуудай Жалжалын кубанычтуу өбөт, шашат* (Осмонов).

**ЖАЛЖАЛАКТА** Өткөрө жалжактоо, көбүрөөк жалжаңдоо. *Жалжалактап көчөдө жүрөт, Жатып ичер, жалакай кексе* («Чалкан»).

**ЖАЛЖАҢ: жалжаң-жалжаң** 1. Көбүнчө кичинекей балдардын оозу жабылбай, кымтылбай жалжактап күлө бергенин билдирүүдө колдонулат. *Жалжаң этип күлүп коюу. Жалжаң-жалжаң тынбай күлүү.* 2. Обу жоктонуп жалжаңдап сүйлөгөн абалды, жалжактаган көрүнүштү билдирүүдө

колдонулат. *Жалжаң-жалжаң жалжактоо.*

**ЖАЛЖАНДА** 1. Обу жок ырсактап, орунсуз сөздөрдү сүйлөө. *Картайганда жалжаңдап жаш жесирди алдап ыкка келтиргең, балалуу болгондо андан кайра баш тарткан адам* («Чалкан»). 2. Обу жок ыржалаңдап эркелөө, ыксыз жалжактап сүйлөө.

**ЖАЛЖАНДАТ жалжаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛЖАНДОО жалжаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛЖЫЛДА** Жалоорунку кебетеде же өтүнгөн, суранган кыязда жалдырай кароо, көз жайнап жалооруй кароо, көзү балбылдоо. *Күлүп турат жаркылдап, Ачуусу келип калды деп, Аста сүйлөп жалжылдап* (Тоголок Молдо). *Жалжылдап көзүң жылдыздай, Чачтарың сонун кундуздай* (Бөкөнбаев). *Сиз ошол Каныбексизби – деп келин көзүн ирмебей жалжылдап карады* (Жантөшев).

**ЖАЛЖЫЛДАТ жалжылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Анархан эки көзүн жалжылдатып Алымга тигилди* (Жантөшев). *Соня кубаныч тамчылары толгон көзүн жалжылдатып Андрейди эле карайт* (Сасыкбаев).

**ЖАЛЖЫЛДОО жалжылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛИЙНА** Маяна, эмгек акы. *Ал эми жалийна жагы болсо – өз колумда. Айына эки жолу барып жалийнасын өзүм алам* (Чалкан).

**ЖАЛИЛ** Улуу, даңктуу (түпкү мааниси).

**ЖАЛК** Кандайдыр бир терс таасир берген, тажаткан, көңүл сууткан мамиледен, иштен улам кийин кайра андай мамилеге, ишке бара албай калуу, коркуп калуу, ишенчилиги кетип, пейли тартпай калуу. *Аликтин ачуулуу кишиден жалкkан жайы бар* (Каимов). *Сен андан дагы эле жалка элексиңби?* (Асаба).

**ЖАЛКАК: көк жалкак** Өтө жылма болуп тоңуп калган жылгаяк. *Көк жалкак мөңгүгө окшоп суунун өңү* (Маликов).

**ЖАЛКАЯК: көк жалкаяк** Өтө жылма болуп тоңуп калган, жалтыраган жылмакай жылгаяк. *Суу да тоңду көк жалкаяк тоз туруп* (Үмөталиев). *Күпчөгү көк жалкаяк болуп, тегирмен чуркабай калган* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛКОО** 1. Жумуштан, иштен качкан эринчээк, иштөөгө мойну жар бербеген жалакай. *Эркиң менен жумуш кыл, Эринчээк жалкоо дедирбей* (Токтогул). *Жалкоого шылтоо көп* (макал). 2. Эпкиндеген ылдамдыкта эмес, солгун, илээлеген. *Коюу чаң жалкоо көтөрүлүп, тегирменден машина узады* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛКОО ТАМЫРЫ СОГУУ** Жалкоолонуу, ишке моюну жар бербөө. *Бүгүн ишти баштабай эле коёюнчу, жалкоо тамырым согуп турат* («Ала-Тоо»).

**ЖАЛКООЛОН** 1. Жалкоолук кылуу, иштен, жумуштан качуу, эринүү, ишке мойну жар бербөө, жалакайлануу. *Жашыңда кылгын мээнетти, Жалкоолонуп тартынбай* (Токтогул). 2. Жандуу эмес көрүнүштө болуу, солгун тартуу. *Ошол түн жалкоолонуп оттор жанып, Тынчтык ар бир жакты койнуна алып* (Турусбеков). *Жаман чырак жалкоолонгондой күйүп турат* (Жантөшев).

**ЖАЛКООЛОНТ жалкоолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛКООЛОНУУ жалкоолон** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛКООЛУК** Иштен качкандык, эринчээктик, жалкоого таандык сапаттар. *Шымаланып эмгекчилер эринбей, Жатып ичкен жалкоолукка берилбей* (Бөкөнбаев). *Жалкоолуктун белгиси, Жумуштан качып жашынган* (Осмонкул).

**ЖАЛКООЧУЛУК** *сейр.* Жалкоолук. *Акын элди бекерчиликке, жалкоочулукка каршы чакырган* (Бөкөнбаев).

**ЖАЛКОТОЙ** Бир нерседен жалкып көңүлү калган, бир нерсени көп иштеп жадаган, жалтанчаак. *Жедеп жалкотой болгон жолбун куйругун кыпчып качмакчы болду* (Осмоналиев).

**ЖАЛКОТОЙЛУК** Бир нерседен коркуп көңүлү калгандык, бир нерсени көп иштеп жадагандык.

**ЖАЛКУУ жалк** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛКЫ I** Жалгыз, бирөө гана, түгөйү жок, эгиз эмес. *Бакбурчунга барышка Бир атадан жалкымын* («Манас»). *Жалкы эмессиң, Толуп жаткан досуң бар* (Алыбаев).

**ЖАЛКЫ II** *туурасы:* **жалк.**

**ЖАЛКЫЛДА** 1. *туурасы:* **шартылда.** *Атышуучу кайда деп, азаматтар жалкылдайт* («Манас»). 2. Жулкунуп токтоо бербей алчыланып туруу (көбүнчө жылкыга карата). *Алдындагы мингени жалкылдаган тору ат.*

**ЖАЛКЫН** 1. Колдун же буттун (тамандын же алакандын) эни, туурасы, жазылыгы. *Жалкыны карыш кол менен, Жаактан ары бир чапты* (Осмонкул). 2. *аңч.* Куштун, бүркүттүн чеңгели. 3. Балта, кетмен ж.б. эни, жазылыгы. *Жалкыны карыш ай балта* («Манас»). *Ташбай топон себилген ылайды жалкыны этектей кетмен менен камырдай жуурат* (Сыдыкбеков). 4. Кылычтын жазы жери. *Анан болот кылычтын жазы жалкынына уста: Жолдубай алптын кылычы деп жазуу жазды* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛКЫНДУУ** Жалкыны кең, жалкыны жазы, чоң. *Кээ бир күндөрү Омор жалкындуу кетменди курчута чыгып, байламталарды оңдойт* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛКЫТ жалк** этишинин аркылуу мамилеси. *Жолоочулар конуп жатып үйүндөгү*

*буюмдарын уурдап кетип жалкытып коюшуптур* (Абдукаримов).

**ЖАЛМА** 1. Тамактануу, жеп жутуу, эч нерсе койбой ичүү, аймалоо. *Эртең менен кеткен бойдон кечинде келип, бирдеме жалмайбыз* (Элебаев). *Чала-була бышырып, Жанга бербей жалмады* («Манас»). 2. *өт.* Кыруу, жоюу, жоготуу, жок кылуу. *Чоюн чокмор ойнотуп, Он экисин жалмады* («Манас»). *Кагышканды кармаймын, Алышканды жалмаймын* («Эр Төштүк»).

**ЖАЛМАЛА** 1. Кандайдыр бир нерселерди ооз менен же тилдин учу менен аймалоо. *Араң турган Учар баланын колу-башын жалмалап эркелей баштады* («Эл акындары»). *Торпок Жеңишбектин жеңинин учун жалмалады.* 2. Бир аз жеп-ичип алуу, өзөк жалгоо. *Ичегиңе кан толуп кетти го, катыгүн, жүрчү! Үйгө кирип бирдеме жалмалачы, кагылайын* (Токомбаев). ‖ Жалмай жеп кирүү, аймап жеп тамактануу. *Кашка торпок көк паяны жалмалап казыкта турат* (Касымбеков).

**ЖАЛМАЛАТ жалмала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛМАЛОО жалмала** этишинин кыймыл атоочу

**ЖАЛМАН** 1. Жаланып-жуктануу, жалмалоого аракет кылуу, жутунуу. *Жалманып араң турат.* 2. *өт.* Жалмандап өтө курч болуу. *Жаманган кылыч колунда* («Курманбек»).

**ЖАЛМАҢДА** 1. Жаланып-жуктанып жутунган абалда болуу, тамакты көргөндө же ичип-жегенге келгенде ачыккандай тынчсызданып жутунуу. *Жалмаңдап, койду кырган карышкырдай* (Турусбеков). *Жээк үйдай жалмаңдабай койсоңорчу* (Байтемиров). 2. *өт.* Шыпылдап-шапылдап жутунган, жалаңдаган көрүнүштө болуу. *Сейиттин болсо жалмаңдап басканы билинбейт* (Сасыкбаев). *Гүлайдын жакын курдашы болуп жалмаңдап жүргөнүнө күйдүбү?* («Советтик Кыргызстан»). *Жети түндө жалмаңдап, Жерден чыга калдыңбы?* («Ала-Тоо»). ‖ Соймоңдогон сыяктуу көрүнүштө болуу. *Жалындын тили экинчи кабаттын терезелеринен жалмаңдай баштады* («Чалкан»). 3. *өт.* Мизи шылып түшө тургандай өтө курч болуу (көбүнчө миздүү куралдарга карата). *Ак саптуу болот күрөгү, Жалмаңдайт мизи кылычтай* (Осмонкул).

**ЖАЛМАҢДАТ жалмаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Кылычты жалмаңдатат, баары чапчаң* (Үмөталиев). *Эстеликтин түбүндө алоолонуп кызыл тилин жалмаңдатып өрт күйүп жаткансыйт* (Баялинов).

**ЖАЛМАҢДОО жалмаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛМАТ жалма** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛМОО жалма** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛОО жала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛООН, ЖАЛООНДОЙ** Шамдагай, шайдоот, шапылдап колдон суурулган, жалаңдаган. *Ак калпактуу жалоондой беш жигит даяр боло калды* (Токомбаев).

**ЖАЛООРУ** Кандайдыр бирөөлөрдөн жардам күткөндөй жалжылдай кароо, кандайдыр бир өтүнүчү бардай телмире кароо, сураныч менен боор ооругандай аянычтуу абалда жалдыроо. *Бүгүн түнү менен болсо да ишти бүтүрөлү деп, күнөөкөр адамдан бетер Анаркан жалооруду* (Жантөшев). *Төрт койду төлөй албасына көзү жеткен Асанбай Тилекке жалынып, жалооруй карады* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛООРУТ жалоору** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛООРУУ жалооро** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛП** Кандайдыр бир көрүнүштүн же аракеттин (мисалы, күйгөн от, чабылган чөп) тез, көз ирмемдин ичинде жок боло калышын көрсөтүүдө колдонулат. *Так ошол учурда шамал тийип чырак жалп эте түштү* (Байтемиров). *Жалп этип экөө аттан кулап түштү* (Жантөшев).

**ЖАЛПАЙ** 1. Кандайдыр бир оор күчтүн таасири астында жалпак абалга келүү, былчыюу. *Жалпаят танка басып тапталгандай* (Үмөталиев). 2. *өт.* Жалпыйып кыйшайган же жапырайган көрүнүштө болуу, жапыз же жалпагынан келген, жепирейген көрүнүштө болуу. *Курулуш жаңы түшкөндө, Кепелер турчу жалпайып* (Маликов). *Мурадыл кээде тайга жалпайып минип алат* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛПАЙТ жалпай** этишинин аркылуу мамилеси. *Темирди соксо жалпайтып, Балканын чери жазылат* (Барпы).

**ЖАЛПАК** 1. Тоголок же кырдуу эмес жайыгынан келген, жазы, жайпагыраак. *Алыбек жалпак ташка көчүгүн коюп отура кетти* (Жантөшев). *Өрдөктөр жалпак жаргак тамандары менен майда сууларды эшкилеп жүрөт* (Токомбаев). 2. Жапыз, анчалык бийик эмес. *Береги ээн турган жалпак боз тамдын төбөсүндө карарып бирдеме турган* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛПАК ОТУРУУ** Көчүгүн жерге тийгизип жапыз отуруу. *Атам жайланышып жалпак отурду* (Таштемиров).

**ЖАЛПАК ТИЛ** Адамды өзүнө тартуу максатында жылмалап, жайкап айткан өтө чебер сөз. *Алданды жалпак тилге сенин башың, Максатка жеткен тура бузук Касым* (Абдыраманов). *Арзыкул жалпак тилге салып аялын алдай баштады* (Байтемиров). *Арзыкул жалпак тилге салып, жайбаракат түшүндүрмөк болду* (Байтемиров). *Ажы жалпак тилге салып, жайкап сүйлөдү* (Байтемиров).

**ЖАЛПАКТА** 1. Бир нерсени тегиздөө,

түздөө, жапызыраак кылып коюу, жалпак абалга келтирүү. 2. *өт.* Жакшы көрүү, жакшы кабыл алуу, кичи пейилдик менен жакшы мамиле кылуу. *Жайыңды билчү досуңа, Жатык сүйлөп жалпакта* (Осмонкул). *Жаны калбай жалпактап, Жатык болгон чагы экен* (Турусбеков). ‖ Жагынган, көшөкөрлөнгөн мамиле кылуу, жалпандоо. *Жалпактап жанын сабап, Түркүн чал Гүлайымга жалбарып ээрчий бастырды* (Бейшеналиев).

**ЖАЛПАКТОО** **жалпакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПАКТЫК** Тегиздик, түздүк, жапыздык, жалпак нерселерге тиешелүү болгон сапат, касиет.

**ЖАЛПАЛАКТА** Өтө элпектик менен мамиле кылуу. *Жалпалактап сүйлөш.* ‖ Жагынып, көшөкөрлөнгөн мамиле кылуу, өтө эле жалпаңдаган мамиледе болуу. *Эмне үчүн мага мынчалык жалпалактап калдың?*

**ЖАЛПАЛАКТОО** **жалпалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПАЛАҢДА** **жалпалакта** менен бирдей. *Ишенгем, жалпалаңдап мактаганга, Чуу куйрук чындап мени мактабаптыр* (Токомбаев).

**ЖАЛПАҢ: жалпаң-жалпаң** Өтө элпектик менен болгон мамилени билдирүүдө колдонулат. *Эне жалпаң-жалпаң этип, конокторду жакшы кабыл алды.* ‖ Кошоматтанган, көшөкөрлөнгөн кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат.

**ЖАЛПАҢДА** Кичи пейилдик менен өтө элпек мамиле кылуу, жакшы кабыл алуу. *Бизди көргөндө жалпаңдап жаналы калган жок.* ‖ Жагынуу, кошоматтык кылуу, көшөкөрлөнүү аракетинде болуу. *Көзүңдү көрүп калганда, Кур эле сырты жалпаңдайт* (Маликов).

**ЖАЛПАҢДОО** **жалпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПАЮУ** **жалпай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПООЧ** Кооздолгон ат жабдыгы (ээрден башкасы).

**ЖАЛПЫ** Бүт, бүткүл, баары, жапырт, чогуусу менен, бардыгы, текши. *Жаасын тартар мергени, Жалпы кантип келгени* («Манас»). *Жалпы аттанып кырк баатыр Жабыла кирди камынып* («Эр Табылды») ‖ Көпчүлүк, көпчүлүк эл. *Атагың дайым белгилүү, Ак калпак кыргыз жалпыга* (Токтогул).

**ЖАЛПЫ-ЖАЙЫК** Бардыгы, баары, чогуу-чаран, чогуу бойдон, бүт баары. *Көргөн, уккан калайык, Жалпы-жайык кубанды* (Тоголок Молдо).

**ЖАЛПЫЙ** 1. Жалпаюу, жалпак абалга келүү, былчыюу. 2. Жампыйып кебетеси начар көрүнүү, жалпайган начар көрүнүштө болуу.

**ЖАЛПЫЙТ** **жалпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛПЫЛА** Жамдоо, жалпы жыйынтык чыгаруу, корутундулоо, жалпыга бирдей кылуу, жалпыга орток кылуу.

**ЖАЛПЫЛДА** 1. Желп-желп этүү, желбирттөө (көбүнчө жумшак, жука тилке-нерселердин же отту жалындаган кыймылына карата). *Асаба желек жалпылдап, Каптап кирип калганы* («Манас»). 2. Абдан элпек мамиледе болуу, эпилдеп-жепилдеген мамиледе болуу. *Үйдүн ээси ачык-айрым, жалпылдаган неме* (Элебаев).

**ЖАЛПЫЛДОО** **жалпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПЫЛОО** **жалпыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛПЫЛЫК** Жалпыга тиешелүүлүк, жалпы болгондук, бири-бири менен байланышы, катышы бар болгондук, жалпы белгилери боюнча бирдиктүүлүк. *Жекеликтен жалпылыкка өтүү жолу.*

**ЖАЛПЫЮУ** **жалпай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛТ** 1. Кыймыл-аракеттин тез арада, чукул, дароо, ошол замат боло калышын билдирүүчү сөз. *Артына жалт карап алып, шордуу Батийна жаш баладай эчкирип ыйлап жиберди* (Сыдыкбеков). *Менин үнүм менен карышкырдын бирөө жалт кайра тартты* (Элебаев). *Жылдызкандын тааныш үнү угулганда бардыгы жалт карады* (Байтемиров). 2. Көбүнчө **жалт-жалт, жалт-жулт** формаларында. Жаркылдаган оттун, нурдун элесин, жалтылдаган нурдун чагылышын ж.б. көрсөтүүдө колдонулат. *Бир тартылган ширеңке жалт дей түшүп кайра өчкөн* (Үмөталиев). *Караңгы өткөөлдөн жалт-жулт эткен жарык көрүндү* (Сасыкбаев). *Жалтыр-жалтыр жалт этет Торко кийген өңдөнөт* (Бөкөнбаев). *Кетмени гана күнгө чагылышып жалт-жалт этет* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛТ-ЖАЛТ КАРОО** Кайра-кайра, тез-тез бурулуп кароо, кылчак-кылчак кароо. – *Сен Нурбайдын небереси болбогун? – Ооба! – деди жалт-жалт карап көзүмө* (Токомбаев). *Жанымды өрттөп жалт-жалт карап жүргөнүң* (Маликов).

**ЖАЛТАЙЛА** Жазгануу, ийменүү, тартынуу, жалтактап чечкиндүү боло албоо, тайсалдоо, жалтаңдоо. *Какелей жалгыз Сайрадан жалтайларын Керез билет* (Бейшеналиев). *Капсалаңдын кагажыткан сөздөрүн угуп, Керез жалтайлады* (Бейшеналиев).

**ЖАЛТАЙЛОО** **жалтайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛТАК** Жазганчаак, тартынчаак, коркок, ийменчээк, жалтаң. *Алышта жалтак болбогун!* (Бөкөнбаев). *Ырайымсыз турмушта жүрүп жалтак үйрөнгөн мүнөзү өзгөрүп, эми такыр башка киши болуп калган* (Байтемиров).

**ЖАЛТАКТА** Тике батынып карай албоо,

жалтаңдоо, жазгануу, коркуу, тайсалдоо, тартынуу, жалтайлоо, ийменүү. *Карышкырлар кеткенде Алымкулдар улам-улам жалтактап, айлана-тегерекке карап коюшат* (Абдукаримов). *Капсалаң мурункудай өтүмдүү сүйлөй албай жалтактап салам айтты* (Каимов). *Дүркүрөп бирден көтөрүлгөнү турган, калың букарадан айбыгып, жакшылар жалтактап турган эле* (Элебаев).

**ЖАЛТАКТАТ жалтакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Ышкынаалы тике карай албай көзүн жалтактатты* (Байтемиров).

**ЖАЛТАКТОО** жалтакта этишинин кыймыл атоочу. *Олку-солку болуп жалтактоону ташта!* (Сасыкбаев).

**ЖАЛТАКТЫК** Жалтайлагандык, тик батына албагандык, коркоктук, жазганчаактык, ийменчээктик, тартынчаактык. *Жалтактык кылып жанды аяп, Суук тийди дебесмин* (Осмонов).

**ЖАЛТАН** 1. Жазганып башты булкуп алуу, жалт берүү, чочуп селт этүү, тик карай албоо. *Жалтанып оң колумду көтөрүп башымды калкаладым* («Советтик Кыргызстан»). *Карыя чочугансып, жалтангансып, кирпигин улам-улам ирмеп алды* (Токомбаев). 2. Тартынуу, жазгануу, ийменүү, жалтайлоо, батына албоо. *Айтарын айтып алып, кайра өзү жалтана түштү* (Сыдыкбеков). *Адыкеден менсинген бай да жалтанат* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛТАНБАС** Тайманбас, кайраттуу, өткүр, тартынбаган. *Кайраты бар жан элем Кабыландан жалтанбас* (Токтогул). *Келген койчу Динардын көз алдына эч-эчтемеден жалтанбас баатырдай элестеди* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛТАНТ жалтан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛТАНУУ жалтан** этишинин кыймыл атоочу. *Жалтануу, коркуу деген Жапарда болбоду* (Баялинов).

**ЖАЛТАНЧААК** 1. Көп жалтана турган. 2. Жазганчаак, тартынчаак, ийменчээк, өткүр эмес. *Жалтанчаагын билген соң, Бала баатыр Курманбек, Качырып кирди жана да* («Курманбек»).

**ЖАЛТАҢ I** Жалт-жалт этип жаркыраган, өтө жылма, жалкаяк, жалтылдап нурга чагылышкан (көбүнчө музга же жаркыраган жылма нерселерге карата). *Көк жалтаң муз. Көк жалтаң таш. Көк зоонун башы көк жалтаң* (фольк.). *Ак зоонун башы ак жалтаң, аңдабай басып тайгылдым* (фольк.).

**ЖАЛТАҢ II** Чечкиндүү эмес, тартынчаак, жазганчаак, өткүр эмес, жалтак. *Жалтаң Керез эжесине бел болуп, кайрат берди* (Бейшеналиев). *Жүрөгү жок жалтаңдын, Жакында иши курулбайт* (Токтогул).

**ЖАЛТАҢДА** 1. Тике карай албоо, жалтайлоо. *Ар кимге бирдей жалтаңдайт. Адилет сөздөн тайсалдайт* («Чалкан»). 2. Чечкиндүү боло албоо, өткүр боло албоо, тартынуу, жазгануу, батына албоо. *Айтканыңдан кайтпагын, Баштагыдай жалтаңдап* (Осмонкул).

**ЖАЛТАҢДАТ жалтаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛТАҢДОО жалтаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛТАҢДЫК жалтактык** менен бирдей.

**ЖАЛТАР** *сейр* Жалтануу, жалтайлоо.

**ЖАЛТЫЛДА** Жалт-жалт этип жаркырап көрүнүү, жаркыроо. *Алтын менен күмүштөй, Ар убакта жалтылдайт* (Токтогул).

**ЖАЛТЫЛДАК** Жалт-жалт эткен, жарк-жарк этип туруучу жаркырак. *Күмүш кындуу кылыч илген жалтылдак* (Токомбаев).

**ЖАЛТЫЛДАТ жалтылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛТЫЛДОО жалтылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛТЫР** Жалкаяк, жалтыраган, өтө жылма, жылмакай. *Кышында балдар ойноого Күзгүдөй жалтыр муз кызык* (Осмонкул).

**ЖАЛТЫРА** Жалт-жалт этүү, жаркыроо. *Агарган кары, жалтыраган музу алыстан көздү уялтат* (Сыдыкбеков). *Айнек менен жапкандай, Жалтырайт көл, тийип күн* (Үмөталиев).

**ЖАЛТЫРАК** Жалт-жалт эткен, жаркырак, жаркылдаган. *Биз азыр саякаттан жалтырак таштарды да алып келдик* (Сыдыкбеков). *Бүгүн жаңы чапан, жалтырак маазы кийип келдим* («Жомоктор»).

**ЖАЛТЫРАТ жалтыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛТЫРОО жалтыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛУУ** *сейр.* Текеберлик, көөдөн көтөргөндүк, куру дымак. *Жакшыда жалуу жок, Жаманда каруу жок* (макал). ‖ Үмүт, максат, тилек. *Жан жалуум айтайын* (фольк.).

**ЖАЛУУН I** *сүйл.* Айлык, айлык акы, маяна.

**ЖАЛУУН II** *сүйл.* **жалыйна** менен бирдей. *Өкмөттүн жалуунга берген теңгесин актап алышсын маалимдер* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛЧУУ жалчы II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛЧЫ I** Жалданып иштеген киши, малай, жалданып иштөөчү. *Жалчы жүрдүң жалданып, Байманапка алданып* (Тоголок Молдо»). *Жашымда жетим калдым, жалчы болдум, Саргайдым, үшүк урган гүлдөй болдум* (Үмөталиев).

**ЖАЛЧЫ II** Жарытылуу бир нерсеге жетишүү, жаруу, кенелип калуу. *Бөзчү бөзөө жалчыбайт* (макал). *Жарты нан берди жеп койдум, Жалчыба байым – деп койдум* (Барпы).

**ЖАЛЧЫЛЫК** Бирөөгө жалданып иште-

гендик, малай жүргөндүк. *Жалчылык менен коштошуп, Балам, жаңыдан быйыл бошодуң* (Токтогул). *Жалдырап жаман тил уккан, Жалчылык качан жок болот* («Кедейкан»).

**ЖАЛЧЫТ жалчы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛЫЙНА** *сүйл.* Кызмат акы, эмгек акы, кызматы үчүн алуучу айлык акча. – *Оо, мына, мына, Жалыйна жебесе да, апасына белек алып келген тура* (Таштемиров).

**ЖАЛЫН I** 1. Күйүп жаткан оттун үстүнөн көтөрүлгөн алоо. *Күйгөн оттун жалыны өйдө-төмөн теңселе баштады* (Абдукаримов). *Көрүк үйлөгөн таш көмүрдүн көгүш жалыны ого бетер алоолонот* (Абдукаримов). 2. *өт.* Эпкин учкуну, кызуулук, көтөрүлгөн кызуу демилге. *Октябрдын жалынынан төрөлгөн, Жаңы кыргыз өнүп, өсүп көгөргөн* (Токомбаев). 3. *өт.* Өткүрлүк, курчтук, алга умтулган кайрат. *Мен комсомол, жалынымдан өчпөймүн!* (Токомбаев). *Жамандыкты көп көрүп, Жашыды жалын жүрөгүм* (Токтогул). *Биздин заман – жалын заман, Душмандарын жалмаган!* (Бөкөнбаев). 4. *өт.* Кайгы, капа, өкүнүч, сыздаткан кыйноо, түйшүк, азап-тозок. *Жаман болсо алганың, Жалынга жанды салбагын* (Тоголок Молдо). *Сурабай менин алымды Ичиме салдың жалынды* (Барпы).

**ЖАЛЫН II** 1. Жалбаруу, жакшы көрүп эркелеткен жылуу сөздөр айтуу. *Эркекыз алда кайдан көрүп баласына жалынды* (Байтемиров). *Энем байкушка убал болуп кетти, жалынып-жалбарып түн уйкусун коюп, менин жанымда* («Ала-Тоо»). 2. Жалбарып жан-дили менен абдан сурануу, жалдырап өтүнүү. *Алар сабаганда жалындым, кечирип коюуну сурандым. Болушпады* (Абдукаримов).

**ЖАЛЫНДА** 1. Алоолонуп, балбылдап күйүү, лапылдап жалын чыгаруу. *От аралаш көк түтүн, Асманды карай жалындап* (Калык). 2. *өт.* Кызуу демилге көрсөтүү, илгери карай умтулуу, кызуу өркүндөп күчөө. *Эгерде жетекчи өзү жалындап турса, анда ал адамдарды да өзүнүн артынан ээрчите алат.* 3. *өт.* Өткүр, курч болуу, кайраты ашуу. *Эр жигиттин белгиси, Кайраттуу болот жалындап* (Токтогул). *Жалындаган өткүр көз* (Нуркамал). 4. *өт.* Кайгыруу, капалануу, катуу кыйналып кейиште болуу. *Арзыкул ичи күйүп жалындап турса да, токтоолук кылды* (Байтемиров). *Ойлосок ич жалындайт өткөн күндү, Тамчылап жалчы каны аккан түндү* (Бөкөнбаев). 5. *өт.* Денеси ысып чыгуу, температурасы жогору көтөрүлүү. *Капитандын эти жалындап, беттери албырып, көздөрү кылгырган* (Жантөшев).

**ЖАЛЫНДАЙ** 1. Жалынга окшош, жалын сыяктуу. *Жалындай алоолонгон кызыл туулар.* 2. *өт.* Өткүр, эч нерседен жалтанбас, кайраттуу, *Комсомолдор өрт жалындай өрчүгөн, Душман коркуп батына албайт көркүнөн* (Барпы). *Жакшы азамат түрдөнүп, Жалбырттаган жалындай* (Токтогул).

**ЖАЛЫНДАТ жалында** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛЫНДОО жалында** этишинин кыймыл атоочу. *Күн узаткан күлкү менен, шат менен Оттой ысык жалындаган жаш белең* (Самудинов).

**ЖАЛЫНДУУ** 1. Жалыны бар, алоолонуп жалбырттаган. *Жалындуу өрт.* 2. *өт.* Өткүр, курч, кайраттуу,: күчүнө толгон, кызуу демилгелүү, жигерлүү. *Так ушул замандын балдары жалындуу өссүн!* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Жагымдуу, ысык, адамды өзүнө тарта турган, делебе козгогон, кызытып шыктандырган. *Кезиккен сайын баягыдан бетер жалындуу сөздөр айтылды* (Байтемиров). *Белектин эң кымбаты жүрөккө тийүүчү жалындуу сөз!* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛЫНДЫР жалын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЛЫНТ жалын III** этишинин аркылуу мамилеси. *Эмгеги менен жагышып, Экөөбүздү жалынтты* («Мендирман»).

**ЖАЛЫНУУ жалын II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЛЫНЫЧ** Аяп өтүнүү сезими, жалынычтуу өтүнүч, жалынып-жалбара айтылган тилек, сураныч. *Динардын ызалуу жүзүнө чоң эне жалыныч менен карады* (Сыдыкбеков). *Кычан кемпирлердин жалыны- чына бөлөнөт* (Бейшеналиев). *Керез Сайранын жалынычына эрип кетти* (Бейшеналиев).

**ЖАЛЫНЫЧТУУ** Аянычтуу, абдан зор өтүнүчтүү, жалына суранган белгиси бар. *Кебек жалынычтуу көз менен Салыйга карады* (Жантөшев).

**ЖАЛЮЗИ** Чий сыяктуу согулган терезе парда.

**ЖАМ I** Бүт, баары, бардыгы чогуу, бүт бойдон, жамы. *Алты миң үйлүү катаган, Айылда калбай жам келсин* («Эр Табылды»). *Жакын көрдүң байларды, Жам букара бирикти, Таба албассың айлаңды* (Токтогул).

**ЖАМ II: отко, жамга түшүү** Жанын аябоо, эч нерседен кайра тартпоо, ар кандай кыйынчылыктардан кайра тартпоо. *Бала үчүн киши отко, жамга түшөт.*

**ЖАМ III (жам кесе)** Суюктук, суусундук куюуга ылайыкталган идиштердин өзүнчө түрү. *Алтындан кесе жам алып* («Манас» С.О.).

**ЖАМ IV** *диал.* Дагара.

**ЖАМ КЫЛУУ** Тынчытуу, тындыруу, бүтүрүү, жайлоо. *Имерилип сүйлөшүп, ич пикирди жам кылды* («Ырлар»). *Мени шайлап хан кылсаң, Көңүлүмдү жам кылсаң* (Токтогул).

**ЖАМА I: кара жама** Жаак жана ооз эттерин бузуп, жеп жиберүүчү жара оорусу.

*Какшатып неге жеген жок, Кара жама оозумду* («Мендирман»).

**ЖАМА II** 1. Кийим-кеченин ж.б. жыртылган, айрылган жерин тигүү, жамаачы салып тигүү, жыртык-тешикке жамаачы коюп бүтөө, жамаачылоо. *Алымкул жамап жаткан чарыгын жерге коюп, атасына жакын басып келди* (Абдукаримов). *Жыртылып топум сан бөлөк, Шоона менен жамадым* (Каралаев). 2. Сөздү же ырды уйкаштырып, биринин артынан бирин куюлуштуруп айтуу, кураштыруу, жамактатуу. *Ылайыктуу болсун деп, Ыр менен кошуп жамадым* (Токтогул). *Кызып ырдап отурсаң, Кыш койгондой жамайсың* (Осмонкул). *Ырчы болсоң ырас айт, Жамакчы болсоң жамап айт* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Жармаштыруу, жабыштырып тагуу, таңуулоо. *Күндө келип старчындар камады, Жалаа кылды, шумдуктарды жамады* (Турусбеков).

**ЖАМАА I жамаат** менен бирдей. *Биздин жамаада билинбей тымызын жүргөн душмандар бар* (Абдукаримов).

**ЖАМАА II** Жамаачы менен бирдей. Кара жамаасы бар ала кап.

**ЖАМААКТАШ** *туурасы:* **жамаатташ.**

**ЖАМААЛА** Кандайдыр бир топко, тарапка ж.б. кошулуу, ыктоо, айланчыктоо, жамаатташ болуу. *Малчылар от жагылган ыктоону жамаалады* (Убукеев). *Орус кыштактарын жамаалап дыйканчылыктын жайын үйрөнүүгө бет алышкан экен* (Убукеев).

**ЖАМААЛАШ жамаатташ** менен бирдей. *Жамаалаш айыл консун деп, Жарашып тууган болсун деп* («Эр Табылды»).

**ЖАМААТ** 1. Эң ар түрдүү жалпылык: шаардык коммуналар, селолук коом, жердештик, диний бирикмелер, профессионалдык бирикмелер ж.у.с. *Бей-бечаралардын керектерин камсыз кылуу жөнүндө кантип эле ушундай жетекчилери бар жамаат унутуп калсын* (Абдукаримов). *Демек, чоң байлар өз жамааты менен бирге алыскы Суусамырга көчүшкөн* (Каимов). 2. Өндүрүш каражаттары коллективдүү ээликке жана толук же жарым-жартылай өзүн-өзү башкарууга негизденген адамдардын бирикмеси. 3. Ирегелеш, катарлаш; чектеш, жамаатташ. *Атаңдың ашын, бердирбей, Айылды жамаат кондурбай* («Эр Табылды»).

**ЖАМААТ МҮЛКҮ** Жамаат мүчөлөрүнүн бардыгына бирдей таандык буюм-тайымдар жалпы менчик.

**ЖАМААТТАШ I** Бир коомдош, бир тараптан, бир жактан, айлы же жери бирге, чектеш. *Бул жерлер аздык кылгандыктан, Кайназар өзүнө жамаатташ кедейлердин жеринен дагы бир канча жер алган* (Жантөшев).

**ЖАМААТТАШ II** Бир коомго же бир тарапка биригишүү, биргелешүү, бир тараптуу болуу, жактык же чектеш болуу. *Чогулушуп жамаатташып кетүү.*

**ЖАМААТТАШТЫК** Бир коомдо болгондук, биргелешип же бир тарапта болуп аракет кылуучулук, айлы, жери биргелик же жакын чектеш болгондук. *Жамаатташтыгы байкалуу.*

**ЖАМААТТАШУУ жамаатташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМААТТЫК Жаматка таандык.** *Жамаатык пикир.*

**ЖАМААЧЫ** Кийим-кече жана башкалардын жыртылган жерине салынып тигилүүчү же жыртылган жердин үстүнө бастыра тигилүүчү келки нерсе, кездеме ж.б. жамала турган жамак. *Жамаачысы андаалап жүргөн жеңинин учу менен бечара эне көзүн сүртүндү* (Касымбеков).

**ЖАМААЧЫЛА** Жамаачы салып тигүү, жырылган жерди жамоо, жыртыкка, айрыкка жамак салуу. *Этегин жамаачылаган көк мата көйнөгү бар сегиз-тогуз жашар кыз отурат* (Элебаев).

**ЖАМААЧЫЛАН жамаачыла** этишинин өздүк мамилеси. *Жамаачыланган көйнөк. Жеңинен чолоо жери жок, жамаачыланып бүткөн.*

**ЖАМААЧЫЛУУ** Жамаачы салынган, жамаачы түшкөн, жамалган, жамактуу. *Кадыр жамаачылуу жаман бешмантынын этегин кагына ордунан турду* (Жантөшев). *Ал жамынып отурган жамаачылуу сары тонунун жакасына кежигесин кашып койду* (Токомбаев).

**ЖАМАГАТ жамаат** менен бирдей. *Кылсаңыз боло далалат, Окусун жалпы жамагат* (Тоголок Молдо).

**ЖАМАЖАЙ** Оoздун эки жагындагы кычыктары. *Супахандын оозунан шилекейи чачырап, эки жамажайынан көбүк чыгып турду* (Жантөшев). *Жамажайы ылдый салбыраган, оозу чоң, бет сөөгү уркуйган, далылуу сары киши сайышка чыкты* (Осмоналиев).

**ЖАМАК** 1. Кийим-кечек ж.б. жыртылган, айрылган жерине салынып тигилүүчү жамаачы, жамала турган материал. *Ар жакта эки зайып күбүрөшөт, Жыртылган чапандарга жамак курап* (Токомбаев). 2. *өт.* Сөздү же ырды уйкаштырып, биринин артынан бирин куюлуштуруп, эптештирип айтуучу акындык чыгармачылыктын бир түрү. *Алты жыл айтсам түгөнбөйт, Кызыл тилде жамагым* (Токтогул). *Анча-мынча жамак сөз, Акылыма киргенде* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Идеялык-көркөмдүк деңгээли төмөн, автордун жеке стили көрүнбөгөн, көбүнчө ар кимдин даяр саптары, ойлору уурдалган, жетилбеген ыр.

**ЖАМАКТА** 1. Жамаачы салып жамоо, жамаачылоо. 2. Сөздөрдү биринин артынан бирин куюлуштуруп, уйкаштырып айтуу. *Жамгырдай төгүп ырымды, Жамактап айтып берейин* (Токтогул).

**ЖАМАКТАЛ жамакта** этишинин туюк

мамилеси. *Жамакталып айтылган нускоо сөздөр.*

**ЖАМАКТАТ жамакта** этишинин аркылуу мамилеси. *Өзүнчө жамактатып ырдаганга Жийдегүлдүн шыгы бар эле* (Сасыкбаев).

**ЖАМАКТОО жамакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМАКТУУ** Жамак салынган, жамалган, жамаачылуу. *Желкемде кырк жамактуу жыртык чапан, Жүдөөлүктүн айынан мойнум салам* (Барпы).

**ЖАМАКЧЫ** 1. Жамоочу, жыртык-тешиктерин жамай турган (мис. өтүкчү). *Сабыр өтүгүн жамакчыга берип келди* («Ала-Тоо»). 2. Уйкаштырып, куюлуштуруп, меселдетип айтуучу акындык өнөрү бар киши. *Кудайберген жомокчу, жамакчы, комузчу... жана сынчы да болучу* («Чалкан»). *Бир жамакчы шахтер Ашырды ырга да кошту* (Сасыкбаев),

**ЖАМАКЧЫЛЫК** 1. Жамак жамагандык, жамаачылагандык. 2. Уйкаштыра билгендик, биринин артынан бирин куюлуштуруп айта алгандык.

**ЖАМАЛ I** Жүз, ирең, ажар, бет ажарынын сулуулугу, сүйкүмдүүлүк. *Кумар болгон кыздын тааныш жамалына дагы бир жолу тиктеп, анан айрылсам мейли эле* (Мавлянов). *Кашаттын жаткан карындай, Нурдуу беттин жамалы* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ай жамалдуу жан эле, Айтканымча бар эле* («Эл адабияты»).

**ЖАМАЛ II жама** этишинин туюк мамилеси. *Желектей болуп желбиреп, Жеңдериң жүрөт жамалбай* (Шүкүрбеков).

**ЖАМАН I** 1. Сапаты, көрүнүшү ж.б. белгилери жагынан начар, талапка ылайык эмес, башкаларга салыштырганда бир кыйла төмөн, орточо деп баалоодон да төмөн. *Жай жайлоосу, кыш кыштоосу – бир жаман тамы болор эле* (Жантөшев). *Обдулуп он үч жашар бир жетимче, Сүйлөдү жаман тонун чечип салып* (Бөкөнбаев).

**ЖАМАН II** 1. Мааниси жок начар адам. *Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз* (макал). *Жакшы менен жүрсөң жарыйсың, жаман менен жүрсөң убайым менен карыйсың* (макал). 2. *сүйл.* Бала, балам деген мааниде, көбүнчө эркелете айтууда колдонулат. *Бир жаманым бар.* 3 Өтө, абдан, эң эле, катуу деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Жаман чоң. Ачуусу жаман. Жаман жакшы. Жаман кыйын.*

**ЖАМАН АЙТПАЙ, ЖАКШЫ ЖОК** Не бар, не жок, кандай болот «жаман жакшыны аралаштыра айтуу керек, кандайдыр бир кыйынчылык, кырсык, кокустук болуп калабы» деген мааниде алдын ала эскертүү иретинде колдонулат. *Жаман айтпай жакшы жок, Жалккан башка эмнелер гана түшпөйт* (Бейшеналиев). *Жаман айтпай жакшы жок, кийин сызга олтуруп жүрбөйлү* (Ашымбаев). *Жаман айтпай жакшы жок, ээн талаа, караңгы түндө бирдеме болсо, мен бүт Сары-Өзөккө кара бет болуп, жүрө албайм* (Айтматов). – *Жок, ата, деп Кожон колдур сүйлөдү, – жаман айтпай жакшы жок, этият болгон жакшы* (Абдыраманов). *Жаман айтпай, жакшы жок, сак болуу керек, жыландын куйругун басканы турасыңар деп кемпир катуу үшкүрүнүп койду* (Жантөшев).

**ЖАМАН АПАЗ** Кандайдыр жаман жөрөлгөлүү, үрөйү суук кабар же окуя жөнүндө баяндаганда колдонула турган накыл кеп. – *Койчу жаман апазды айтпай!..* (Жантөшев).

**ЖАМАН АРАМ** Көбүнчө кичинекей балдарды эркелетүү иретинде колдонулат. – *Ой, жаман арам десе, жакшы атадан туулган экенсиң* (Медетов).

**ЖАМАН-ЖАКШЫ** Ар кандай, аркы-берки. *Аркы-берки, жаман-жакшы сөздөрдү билгендеринче айтышты* (Жантөшев).

**ЖАМАН КАТЫН, ЖАШ БАЛА** Үйүндө баш көтөргөн эр бүлөсү жок, жалаң бала-чака, баш-көз болор кишиси жок. *Согушта баарынын укугу бирдей, баарында жаман катын, жаш бала, баарынын ата-энеси, агатууганы, ата-журту бар* (Садыбакасов). *Мындан ары өз оокатыңды өзүң кылып, эл оозуна жаман катын, жаш бала дедиртпе* (Абдукаимов).

**ЖАМАН КӨЗ** Ичи жаман, кара санатай, көрө албаган, арамдык ойлогон деген мааниде. *...Мүйүздүү Бугу-Эне... Тукумуңду жерибе, ...жаман көздөн, кесир сөздөн сакта* (Айтматов).

**ЖАМАН КӨЗҮ МЕНЕН КАРОО** Жактырбаган, жек көргөндөй мүнөздө, ачууланган кебетеде көзүн акырайта кароо. *Экөө үйгө киргенде көйнөгүн жамап отурган кемпир жаман көзү менен акшыя бир карап койду да, кайра ишин уланта берди* (Айтматов). *Султанмурат бек оозунан сөзү түшүп, алдыртан жаман көзү менен карап тим болду.* **В.: Жаман көзү менен тиктөө.** *Тигини карасаң, мени жаман көзү менен тиктейт, кешпири суук* (Абдыраманов).

**ЖАМАН КӨРГӨНДҮН БӨРКҮ КАЗАНБАКТАЙ** Жакпаган кишинин көрүнүшү суук, кебетеси жагымсыз. *Ээ... кайсыны айтасың, жаман көргөндүн бөркү казанбактай да, мени көргүсү келбейт, айла канча барар жер жок, басар тоо жок, – деп үшкүрүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАМАН ООЗ** Ушакчы, бир нерсени ташып жеткирип баруучу, жаман, орой сөздөрдү көп сүйлөгөн. *Андай жаман ооздордон сак болуу керек.*

**ЖАМАН САРЫ** Жырткыч куштун бири.

**ЖАМАНАТ** Жаман деп айтылып калгандык, жаман сөзгө чалынып калгандык. *Топук кылбай суранып, Тууганга болбо жаманат* (Осмонкул). *Көкдөөнүн мөрөй каза-*

*нын, Албай калсак жаманат* («Эр Төштүк»).

**ЖАМАНАТТЫ** Жамандаган сөзгө калуучулук, жаман деген атка калгандык. *Асанкулду ушу иш менен жаманатты кылалы,– деди бий* (Убукеев).

**ЖАМАНДА** Жаман жактарын, начар сапаттарын белгилеп көрсөтүү, бирөөнүн жакшы жактарын эске албай, жалаң жамандык жагын, кемчиликтерин гана айтуу, олуттуу негизи жок эле жаманатты кылуучу, кадыр-баркын түшүрүүчү сөздөрдү сүйлөө. *Акунжанды жамандап, Арзыкул толгон сөздөрдү айтты* (Байтемиров). *Балам, кой, бирөөнү жамандаган болбойт* (Байтемиров).

**ЖАМАНДАЛ жаманда** этишинин туюк мамилеси. *Жыйналышта жамандалып сөз болду.*

**ЖАМАНДАТ жаманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАМАНДАШ жаманда** этишинин кош мамилеси. *Жамандашып эр жигит, Бириңди бириң кемитпе* (Токтогул).

**ЖАМАНДОО жаманда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМАНДЫК** 1. Жаман сапаттар, начар мүнөз, эрки начарлык. *Жарамсыз жамандыгым калбаса, жаштыгым калган жок* (Жантөшев). *Чогулган топко барбаган. Жамандыктын белгиси* (Токтогул). 2. Кара санатайлык, кара ниеттик, кастык. *Үчөөбүздүн сага жамандык кылганыбыз бар беле?* (Жантөшев). *Токтор аксакал өмүрүндө бирөөгө жамандык кылып көргөн эмес* (Абдукаримов). 3. Кырсык, азап, башка түшкөн оор абал, кайгылуу көрүнүш. *Уркуя ага жамандыкты ыраа көрбөйт* (Байтемиров). *Керээз жетим көрбөгөн жамандык калбады* (Токтогул). *Чоң эне эми балдардын жамандыгын көзүм көрбөсүн дейт* (Сыдыкбеков).

**ЖАМАНДЫКТЫ КӨЗҮҢ КӨРБӨСҮН** *к.* **көзүң жамандыкты көрбөсүн.**

**ЖАМАНСЫНТ жамансыт** менен бирдей.

**ЖАМАНСЫТ** Начар, жаман деп эсептөө, кемсинтүү, өзүнөн төмөн саноо. *Жамансытып кокустан, Жазыксыз камчы чаппасаң* («Курманбек»).

**ЖАМАНСЫТУУ жамансыт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМАНЧЫЛЫК** жамандык менен бирдей. *Кайгы, капа, жаманчылык жок эч бир* (Осмонов).

**ЖАМАП-ЖАЗГА** Жыртык-тешигин бүтөө, жамаачылоо. *Ушуну жамап-жазгап кийип турсун* (Байтемиров). ‖ Эп келиштирүү, эптештирүү, кураштыруу (мисалы, сөздү).

**ЖАМАТ жама** этишинин аркылуу мамилеси. *Букен жылкычынын кементайын жаматып берди* (Сыдыкбеков).

**ЖАМАШТЫР** 1. Жамоо, жамаачылоо. 2. Чогултуу, эптештирүү, бириктирүү, эптеп кураштыруу. *Жалган фактыларды жамаштырып, район, область, республикаларга чейин жазат арыз* («Чалкан»).

**ЖАМАШТЫРУУ жамаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМБАЗ** 1. Биздин замандан 4 к. мурун Хорезм өрөөнүн коргоо үчүн курулган чеп. 2. *түш.* Берекеси жайнаган, жомоктогудай өлкө.

**ЖАМБАШ** 1. *анат.* Адамдын, айбандардын санында жогорку башы куймулчак менен, төмөнкү жагы кашка жилик менен ашташкан жалпак сөөк, он эки мүчөнүн бири. *Оң жаккы кашка жилиги жамбаштан тайып калыптыр. Кадыр козунун жамбашын көрө коюп, эттен бир сугунуп алды* (Сасыкбаев). 2. Дененин белден ылдыйкы бир жак жаны, ыптасы, сандын каптал жагы. *Курсагы тоюп турса, жамбашынан сыз өтпөсө, кой кыштын суугуна да моюн бербейт* (Убукеев). *Кычандын сол жамбашында таардан коозделуп токулган китеп баштык ойноктойт* (Бейшеналиев). 2. Дал ортосунан өтүп бир аз кыйшайып, ылдыйлап калган абалга карата колдонулат (көбүнчө ай, жылдыздарга карата). *Үркөр жамбашка келип калган тура.*

**ЖАМБАШТА** Бир жак капталына кыйшаюу, бир жак жамбашы менен жатуу, жамбашына таяна таканчыктоо. *Акмат арыктын кырына жамбаштап жата кетти* (Жантөшев). *Мамбет ээрге жамбаштап отуруп, сөзгө кирди* (Каимов). *Ашыр кайлону жамбаштай калып согууда* (Сасыкбаев). *Татыбек отурган боюнча жамбаштай жылып энесинин жанына барды* (Байтемиров).

**ЖАМБАШТОО жамбашта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМБАШЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** Эч жеңилген эмес, бирөөдөн жыгылып көргөн эмес (көбүнчө күрөшкөн адамдарга карата). *Ал өмүрү жамбашы жерге тийип көргөн жан эмес.*

**ЖАМБАШЫ ЖЕРГЕ ТИЙГЕНЧЕ** Өлөрөлгөнчө, өмүрүнүн акырына чейин. *Байкуш апам жамбашы жерге тийгенче, балдарым деп жүрүп өттү. Биз анда жаш болуп апамдын эмгегин актай албай калдык, – деп Жамал көзүнүн жашын кылгыртты* («Ала-Тоо»).

**ЖАМБООЧ** Курал жабдык. *Көңтөрө ээр, көк жамбооч, Көмөлдүрүк тагынган* («Эл адабияты»).

**ЖАМБЫ** Койдун, жылкынын ж.б. туягынын формасында уютулган, ар түрдүү өлчөмдөгү жана салмактагы күмүштүн куймалары. Өткөн мезгилде чоң аш – тойлордо «жамбы атыш» оюну өткөрүлүп, бул баалуу буюмду бийикке байлап койгон жипти кыя аткан мерген кишилер алышкан. Кыргыздар арасында акчанын түрү катары эсептелет, тай туяк жамбы, кара кулак чоң жамбы ж.б. түрлөрү айтылат. *Бөйрөк жамбы.*

*Туяк жамбы. Жамбысы жандан көп экен, Он беш төөгө артылды.* («Манас» С.О.). *Алтымыш жамбы, миң кундуз, Алым алып турду дейт.* («Манас» С.К.). *Байбиче эми көп таарынбай сандыгыңдан бир жамбы алып чыкчы* (Турусбеков).

**ЖАМБЫ АТУУ** Көбүнчө аш, тойлордо жамбыны кыл же кылдай ичке, жип менен бийик илип коюп атып түшүрүүчү мелдеш, улуттук оюндун бир түрү. *Айттырбай мөрөй дагы алган, Шаанилүү жамбы атышта* («Мендирман»). *Тамаша оодарыш, эңиш, күрөштөн башталып, аягы жамбы атууга токтолду* (Жантөшев).

**ЖАМБЫЛЫК** 1. Жамбыга татырлык, жамбыга барабар болгон, жамбы менен бааланган. 2. *өт.* Баалуу, кымбат. *Айткан сөзү жамбылык* (Бөкөнбаев).

**ЖАМГАР** *туурасы:* **жайгар.** *Оокатыңды жамгарып, Жай олтуруп угуп ал* (Токтогул).

**ЖАМГЫР КАГАР** Казактын желкеге түшмө, кулакчыны бар баш кийими, тумактын бир түрү. *«Ий-йа?! Деген чарк эткен үн чыкты, караса, башындагы жамгыр кагарын шалпайтып, үзөңгүсүн кере тээп, казак кейиптенген бирөө турат»* (Касымбеков).

**ЖАМГЫР** Суу тамчылары түрүндө жааган жаан. *Нөшөрлөп жамгыр жаап турат* (Абдукаримов). *Бир түнү катуу жамгыр болду, Сайлар, арыктар суунга толду* (Шүкүрбеков).

**ЖАМГЫРДУУ** Жамгыр жаап турган, жаандуу. *Жамгырдуу жаздын күндөрү* (Маликов).

**ЖАМГЫРЛА** Жамгыр жаап кирүү. *Бөксөнүн баары мөндүрлөйт, Жаканын баары жамгырлайт* («Эр Төштүк»). ‖ Жамгыр сыяктуу көп түшүү. *Сапырышса «орток» кел деп, Кызыл буудай жамгырлап* (Турусбеков).

**ЖАМГЫРЛАТ жамгырла** этишинин аркылуу мамилеси. *Жамгырлатып суу чачма сыноодон өткөрүлдү.*

**ЖАМГЫРЛУУ жамгырдуу** менен бирдей. *Быйыл жаз жамгырлуу болду.*

**ЖАМГЫРЛЫК** *аңч.* Бүркүттүн, куштун канатынын үстү.

**ЖАМДА** Жыйноо, жыйынтыктоо, жыйнактоо, жалпылоо. *Катаганды чогултуп, Калың элди жамдады* («Эр Табылды»). *Сен – жарагың болсо жамдап чык* («Эр Табылды»). ‖ Бир ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу. *Көтөрүп уруп жамдаса, Балбандын көркү билекте* («Мендирман»).

**ЖАМДАЛ жамда** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАМДАМА САН АТООЧ** Заттын санын жамдап көрсөтүүчү, [-оо], [-өө] мүчөлөрү аркылуу жасалып, көбүнчө ээлик, толуктоочтук милдетти аткарган сан атооч. *Үчөө көпкө ойлонуп отурду. Душмандардан жетөөнү көрүштү* («Ала-Тоо»).

**ЖАМДОО жамда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМКАР** Чогултуу, бириктирүү. *Мүлтүлдөк эки сөздүү тайгак адам, Жамкарып жалган сөзгө сайгак адам* (Тоголок Молдо).

**ЖАМОО жама** этишинин кыймыл атоочу. *Бут кийимдерди жамоо. Жамоого берүү.*

**ЖАМПА** Уйдун тезеги, тегеректете жалпак жайылган тезек. *Жампанын чогуна лапылдап ысыган мештин бөйрөгү кыпкызыл* (Байтемиров). *Жылдызкан эшикте жампа жасап жаткан* (Байтемиров).

**ЖАМПАЙ** 1. Толугураак келип, тампайган, жампыгый же бир жагына кыйшайган кебетеде болуу. *Жампайып басып кетти.* 2. Жалпаюу, жалпайган абалга келүү. *Тезектей болуп былчыйып жампайган.*

**ЖАМПАЙТ жампай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАМПЫГЫЙ** Жампайган, бир жагына жантайган майрык. *Жампыгый Орозматтын жанында тиги узун бойлуу аскер, үнчүкпастан келе жатты* (Айтматов).

**ЖАМПЫЙ жампай** менен бирдей.

**ЖАМШЫЙ** Бир жагына кыйшайып жампайган абалда болуу (көбүнчө бут кийимге карата). *Өтүгү жамшыйып калыптыр.*

**ЖАМШЫЙТ жамшый** этишинин аркылуу мамилеси. *Майрык кепичин жамшыйта басып чыгып кетти* (Сыдыкбеков).

**ЖАМЫ** Бардык, бүт, баары. *Жамы журтум козголсо, Жаштыктын бири мен эмес* (Нуркамал). *Мына ушинтип баарысы, Кызматка кирди жамысы* («Манас»).

**ЖАМЫН** 1. Үстүнө бир нерсени жабуу, жаап коюу. *Терезе жактагы капшытта боз одеал жамынып уктап жаткан – Сабира* (Сасыкбаев). *Эшикти шарт ачып, чапанын желбегей жамынган Сурмаш чыга келди* (Жантөшев). ‖ Үстүн, бетин жаап калуу, каптап калуу. *Караса, кар жамынып кыштак жатат* (Байтемиров). *Ак кар оронгон аскалары да, көк муз жамынган төрлөрү да көз учунда мелтирейт* (Сыдыкбеков). 2. Бирөөлөргө, бир нерсеге калкаланып далдалануу, бетине кармап далда кылуу, жашырынуу. *Ашырлар таштан-ташка жамынып, бөкчөңдөй кырга чыгышты* (Сасыкбаев). 3. Бирөөлөргө корголоо, бетине кармоо, бирөөлөрдүн калкалоосу, таасири астында калуу. *Жакынына жакпаган, Жат кишини жамынат* (Токтогул).

**ЖАМЫНТ жамын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАМЫНУУ жамын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАМЫНЧЫ** Жамынгыч, үстүнө жамына турган, жаба турган нерсе. *Улам жамынчыларын оңдойм* (Айтматов). *Жамынчыдан жалгыз жууркан калды* («Жаш ленинчи»).

**ЖАМЫРА** Жабыла каптоо, жапырт бет алуу, каптап кетүү. *Жарышып ойноп маа-*

*рашып, Жамырап козу-улагы* (Осмонкул). *Жолоочулар вагондордон жамырап чыга келишти* (Убукеев). ‖ Жайнап көп болуп чыгуу, жыбырап көрүнө баштоо. *Арык жээгине жамырап чыккан көк алда кандай сонун көрүнөт* («Жаш ленинчи»).

**ЖАМЫРАТ жамыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Бешимден өтө бергенде козуларды жамыратып айдап келдим* (Элебаев).

**ЖАМЫРОО жамыра** этишинин кыймыл атоочу. *Козу-улактар жамыроого бет алды.*

**ЖАМЫЯН** Моюнтурукту бекиткич жумуру таякча. *Бир жамыян жыгач бер, Кармай барып кирейин* («Эл адабияты»).

**ЖАМЫЯТ жамаат** менен бирдей. *Булар баш болуп турганда бу ордо эч качан бирикпейт, эч качан жамыяткa убайы болбойт дебедик беле?* (Касымбеков).

**ЖАН I** 1. Тың, тирүүлүктүн белгиси, материалдуу (эт) дененин биологиялык, физиологиялык, психологиялык активдеги ишмердиги. *Жаны өз ордуна келгендей болот* (Байтемиров). *Жаны барда жалынган – жаман эрдин белгиси* (макал). 2. Киши, адам. *Көчөдө кыбыраган бир да жан жок* (Абдукаримов). *Айлакер Бакай карыны, Атасындай жан эле, Балбандарга сабатты* («Сейтек»). *Палан кылган жок, түлөн кылган жок деп таарынган жан эмесмин* (Байтемиров). 3. Эркелете айтуу, сүймөнчүлүгүн билдирүү иретинде колдонулат. *Алдей, алдей, бөбөк жан, Бөрүлөр жортор ыйласаң* (Осмонов). *Эшикти ачты бир келин, Эңкейип кирди Сырга жан* (Бөкөнбаев). 4. 1-жактын таандык мүчөсү улануу менен *жаным* формасында. Жалынып-жалбаргандыгын, эркелеткендигин, жакшы көргөндүгүн билдирүү иретинде же *сүйгөнүм* деген мааниде колдонулат. *Эмки жолу алдыңдан тозуп чыгам. Азыр барагой, жаным* (Айтматов).

**ЖАН II** 1. Дененин ийинден жамбашка чейинки оң же сол тарабы. *Ар кимиси жанына Добулбасын байланган* («Курманбек»). *Жанына жарак асынып* (Жантөшев). 2. Буюм, нерсе ж.б. кишинин өзүндө, өз боюнда, өзү менен кошо (чөнтөгүндө, капталында ж.б.) болгондук. *Жанымда жок. Жанына сала келиптир. 3.* Кандайдыр бир нерселердин же адамдын өзүнүн айланатегереги, жакын аралыгы, чөйрөсү. *Татыбек жолдо бара жатып бир үйдүн жанында топтошуп отурган он чакты кишиге кайрылды* (Байтемиров). *Бийик тоону жанынан көр, башына чыкпа, жакшы кишини алыстан ук, жанына барба* (макал). *Көсөл кээде мени менен кошулуп, желенин жанына келип, көбүргөн терүүчү эле* (Каимов).

**ЖАН III** 1. Өрүлгөн, эшилген, чыйралган же бүктөлгөн нерселер өрүмүнөн, эшилген же чыйралган абалынан, бүктөөсүнөн ж.б. жазылып кетүү. *Жиптин учу жанды. Бүктөөсү жанбаган ак шым* (Сыдыкбеков). 2. Тароо, жок болуу, жоголуу. *Катуу баскан кара шишик азыр дагы жумшап жана элек* (Жантөшев). 3. Айтканынан кайтуу, убадасында турбоо, өз оюнан кайтуу. *Ниязкул өзүнүн сөзүнөн өлсө жанбаган адам* (Абдумомунов). 4. Кайра мурунку абалына келүү, кайра кайрылуу. *Жаш өмүрүң өткөн соң, Жанып келбейт мындай жан* (Бөкөнбаев). *Сатым чалдын акыркы каңкуу кептеринен Чотурдун шеги кайра жанды* (Касымбеков).

**ЖАН IV** 1. Тутануу, күйүү. *Кемегеде жанган оттор суюлат* (Осмонов). *Бүлбүлдөп от жанат* (Бөкөнбаев). ‖ Алып учуу, эргүү. *Жаныл турат көңүлү.* 2. Жарык берүү, жарык чыгуу, жаркыроо. *Балбылдап жанат электр, Андагы алыс бөксөдөн* (Бөкөнбаев). ‖ Балбылдоо, жайноо. *Чолпондой жанган эки көз, Шоросу агып тунарды* (Бөкөнбаев).

**ЖАН V** *туурасы:* **жаны.** *Кылычын ташка жаныган* («Эл адабияты»).

**ЖАН АЛАКЕТКЕ ТҮШҮҮ** 1. Алдастап өтө кыйналуу, жаны кейүү. *Үстүндөгү адам жан алакетке түшүп кыйналып, жал чайнап, өбөктөгөн бойдон барат* (Айтматов). 2. Бир нерсеге аябай катуу киришүү, жан аябай аракеттенүү. *Бекиш жан алакетке түшүп мурдагыдан бетер катуу иштеди* (Байтемиров). *Келин жан алакетке түшүп чуркап келе жаткан экен* (Байтемиров). *Эл кымгуут болуп сыртынан суу, кум, топурак чачып жан алакетке түшүп, кайгырып жүрүшөт* (Ашымбаев). *Жан алакетке түшүп кулак байлап жүрүшөт* (Өмүрбаев). *Кыз бирде кучагын жазып, кайра кучактай калып жан алакетке түшүп, энесинин көңүлүн сооротуу аракетинде* (Байтемиров). **В.: Жан алакетке келүү.** *Жан алакетке келген эне тез эле жетип келди* (Бердикеев). *Куугунчулардан кутулган экөө жан алакетке келип чаап баратышат* (Осмоналиев). **Жан бүдөгө түшүү.** *Аларга жол көрсөткөн мастерлер жан бүдөгө түшүп, иштин көзүн таанытат* (Ашымбаев). *Кийин келгендердин айласы эмне болот, – дешип, жан бүдөгө түшүп калган эле* (Ашымбаев).

**ЖАН АЛГЫЧ** 1. *дин.* Адамдын жанын алуучу periште, жалаңкыч, азрейил. *Арзып сүйүп, алыстан коштоп келген жароокер жары Сейдеши жан алгычтын колуна кетип, Байымбетти түнгө аралаш таштап түнөрттүбү* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Ыймансыз, мыкаачы, таш боор, баш кесер, желдет. *Кыргызды жан алгычтар далай эзген, Заардуу тил, ажал огу көкөй кескен* («Ырлар»). *Биз мындай жан алгычтарга кол салуу мындай турсун, тике карай албайбыз, – деди мандикерлердин бири* (Абдукаримов).

**ЖАН-АЛЫ КАЛБОО** 1. Аябай шашкалактоо, калдастап, жан талашып өтө тез кыймылдоо. *Ээн көчө менен күн балбылдап*

*батып бараткан тарапка жан-алы калбай жүгүрүп келе жатыптыр* (Борбиев). *Жан-алы калбай тыбырап, мылтыгын коё бербей далбастап, арбаң-тарбаң этип тура качты* (Жигитов). *Жан-алы калбай шашып, өңү кубарып Ирина кирип келди* (Жантөшев). *Жан-алы калбай Алымкул чуркап, аябай сүйүнүп кетти* (Абдукаримов). 2. Эпилдеп өтө кичи пейил, жайдары мамиле жасоо, асты-үстүнө түшүп эпилдөө, эгилип-жагылуу, аябай сүйүнүү. – *Отур, отур кызым, отуруп эс ал, – деп кемпир жан-алы калбай, бөйпөңдөп калды* (Абдукаимов). *– Ыракмат таажеңе, – деп Ашырбек жан-алы калбай кубанды* (Ашымбаев). *Мен аялыма мамилемди мурдакыдан да жакшырттым. Ошого жараша, ал да айланып-тегеренип жан-алы калбайт* (Абдукаримов).

**ЖАН АРГА** Жанталашуу, аман-соо калыш үчүн жан алакетке түшүү, айла издөө. *Жан арга кылып тоого өрдөдү. Мындан айла болгон жок* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАН АЧЫР** Боор ооруй турган күйүшөр, каралашар. *Дүйнөдөгү жалгыз жан ачыр жакынын да, тууган-туушканын да ушулар* (Укаев). *Промсолдогу жан ачырыбыз ушу сары бала эле* («Ала-Тоо»).

**ЖАН АЧЫТУУ** Жанга тийүү, жан кейитип тынчсыздандыруу. *Аркы-берки сөздөн кийин жан ачыткан чындыкты айтты* (Жусупов) *Бул жагдайда биздин жыйырма жылдан көбүрөөк мезгилди камтыган жан ачытар тажрыйбабыз бар* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАН АЯБАЙ** Бардык күчү менен, өлөр-тирилерине карабай, жан талашып. *Өз тууганы болсо, жан аябай киришип, эмдигиче Үйүн бүтүрүп бере койбойт беле* («Ала-Тоо»). *Кыскасы, манаптар менен жан аябай күрөшө баштадык* (Жантөшев).

**ЖАН АЯК** 1. Жол жүргөндө алып жүрүүчү аяк. 2. Насыбай ийлөө үчүн жыгачтан оюп жасалган идиш.

**ЖАН АЯШПАС к. Жан кыйышпас.**

**ЖАН БАГАР к. Жан бакты.**

**ЖАН БАКТЫ** Өз алдынча эмгек кылбай жанынын тынчын ойлогон, бирөөнүн эсебинен жашаганды, кыйналбай жан бакканды жакшы көргөн. – *Сен, – деди хан, – үргүлөгөн жан бакты окшойсуң! Бүгүн никени бүтүргүн! – дейт да чыгып кетет* (Осмоналиев). *Акыйкаттан тайган, жан бакты акын бүгүн сыйлуу болушу мүмкүн, бирок эртең көр* (Бейшеналиев). *Үргүлөйт да жашап көлөкөдө. Жан бакты* (Казакбаев). **В.: Жан багар.** *Жан багар жалкоо эшек бар, жашынып жүргөн кесеп бар* (Бейшеналиев). *Эринчээк, жалкоо жан багарларды жаныт-пай ак жайлапсың* (Бейшеналиев).

**ЖАН БЕРҮҮ** 1. Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, каза болуу. *Ачкалыктан шишип-көөп эки балам тең удаасы менен жан берди* (Абдукаримов). *Калмурза жылдыз толо жан берди* (Бейшеналиев). *Минтип тууган жерден куш учуп кете алгыс алыста жан бергени турасың. Сөөгүңдү кайда жашырабыз* (Көчкөнов). *Башы менен асфальтка катуу жыгылган бала ошол жердин өзүндө жан бериптир* (Медетов). 2. Актыгы үчүн касам ичип, ант берүү, касам берүү. – *Түмөнбай ат уурдады. Ууру эмес десең, балаңдын жанын бер?! – дешти энеме алар* (Сыдыкбеков). – *Эми буга тике кара, өкүнбө, балам! Жүргөн бирөө болсоң «жан алмай», «жан бермей» болуп чырылдаша бермексиң* (Касымбеков). *Жан бергендин жанына турба* (макал). 3. Дүйнөгө келтирүү, өмүр берүү, жашоого, өмүр сүрүүгө мүмкүндүк берүү. *Жаны жокко жан берди.*

**ЖАН БИРГЕ** Бири-бири менен өтө ысык, абдан жакын ынак, кыйышпас, өтө таттуу. *Жан бирге үчүн, мен үчүн Жолборсуна барып бер, Күрөштү ыктап салып бер!* («Эр Төштүк»). *Кызга жан бирге жеңеси кошо кейип, кошо сыздайт* (Сыдыкбеков). *Жан бирге жалтанабы күйгөн оттон, Баш тартпайт бет маңдайдан учкан октон* (Маликов).

**ЖАН БҮДӨГӨ ТҮШҮҮ к. Жан алакетке түшүү.**

**ЖАН БҮТКӨН** Бүт жан-жаныбар, кыймылдаган тирүү жандын бардыгы. *Деги суу жарыктык жан бүткөндүн баарына жашоо берген жаратылыштын ыйык заты турбайбы* (Бердикеев).

**ЖАН БЫЧАКТЫН МИЗИНДЕ** Өтө коркунучтуу, кооптуу оор абалда, кыйынчылыкта, өлүм алдында. *Жан бычактын мизинде туруп, кимге ким боор тартмак эле* (Жоошбаев). **В.: Жан кылычтын мизинде.** *Минтип жан кылычтын мизинде турганда, сенин кылган жоругуң ушубу* («Ала-Тоо»).

**ЖАН ДАЛБАСА** Алактап калуу, аргасы кетүү. «Телвасе» – тынчы кетүү, туталануу.

**ЖАН ДАЛБАСА КЫЛУУ.** 1. Кандайдыр бир коркунучтуу, кысталыш абалдан кутулуунун, аман калуунун аракетин издөө. *Сайгактан жан далбаса кылган үйлар көлөкө издөөдө* (Бейшеналиев). *Жан далбаса кылган Сабырбек да, аны үстүнөн аңтарып кекиртектен алууга аракеттенди* (Абдыраманов). *Катын-бала жабылып сыртка жамырашат, жан далбаса кылып кайра үйгө киришет* (Осмоналиев). *Аны угар Чоро жок. Колун силкип коюп, жан далбаса кылып, дарысын ичти* (Айтматов). **В.: Жан далбасалоо.** *Анын өмүрүн узартууга жан далбасалаганына тагдырдын анчалык деле жибип кетпеси анык* (Осмоналиев). 1. **Жан далбастоо.** 2. *өт.* Жан багуунун аракетин кылуу. *Силерди ач калбасын деп жан далбасалап жүрдүм* (Сыдыкбеков). *Каатчылыкта күнүмдүк көр оокат үчүн жан далбасалап* (Бейшеналиев).

**ЖАН ДЕНЕ** Бүткөн бой. *Калам алсаң*

*колуңа, Кызып кетер жан дене* (Тоголок Молдо).

**ЖАН ДЕП** Кубанып, сүйүнүп, кым дей түшүп. *Жиберсек барат ээ? – Жан деп барбайбы?* (Байтемиров).

**ЖАН-ДИЛИ МЕНЕН** Чын ыкласы менен, абдан берилип, ынтаасын коюп, бүт мүмкүнчүлүгү менен. *Балага жан-дили менен берилип туруп, эми бала төрөгөнсүп эмчеги зыркырап, бүткөн бою ийип кетти* (Абдукаимов). *Коомдук иштти жан дили менен аткарат* (Ашымбаев). *Данияр кандайдыр бир нерселерди тыңшап, ошого жан-дили менен кулак салып отурган өңдүү туюлат* (Айтматов). *Гулайым эмгек дегенде жан-дили менен шымаланып иштейт* (Абдукаримов).

**ЖАН-ЖАБЫЛА** Жапырт, бардыгы тең, чогуу. *Жан-жабыла каптап кирүү.*

**ЖАН-ЖАК** Туш тарап, туш-туш жак, ар тарап. *Түн ортосу: бүркөк туман, Көрүш кыйын жан-жакты* (Токомбаев). *Чатыр-чатыр чатырады, Жалпы күйүп жан-жагы* (Бөкөнбаев).

**ЖАН-ЖАНЫБАР** Жер жүзүндө жашаган бардык жандуулар, курт-кумурскалардын, канаттуулардын, айбанаттардын, адам баласынын жалпы аталышы. *Жан-жаныбар эмгек жакка агылды, Алып шайман жумушуна камынды* (Бөкөнбаев). *Жан-жаныбар ойгонуп, Талаа-түздөн чуркурап* («Сейтек»).

**ЖАН-ЖИГЕР** Бүт болгон мүмкүнчүлүк, болгон күч-кубат. *Мактаныч болбосун, иш жагынан эч кимге камчы салдырбай, жан-жигеримди төшөп, ак ниетим менен эмгектенип, чарбанын экономикалык өсүшүнө бир топ салымды кошуп келдим* («Советтик Кыргызстан»).

**ЖАН ЖОК** 1. Абдан коркок, жүрөгү жок, кайратсыз. *Анда жан жок. Сенде жан жок тура, күн мурун эле титирейсиң* (Байтемиров). 2. Бир нерседен корккон, кооптонгон, чочулап жүрөк заада болгон коркунучтуу абалга карата колдонулат. *Ошолорду уккан Майкулак бечарада кэзде не болом деп жан жок* (Үмөталиев). *Далай баласын жерге берип, жүрөгү калган энеде жан жок* (Укаев). *Табылды бул районго башкы врач болуп келгенден бери Төлөмүштө жан жок* (Бердикеев). *Аскадан кулап кетеби деп менде жан жок.* 3. Эч нерсени тоотпогон, сезбеген, өтө чыдамкай. *Ай ушунда жан жок, эртеден кечке муз ойгондо бул залкар бир тердебейт* (Укаев).

**ЖАН ЖОЛДОШ** Жакын көргөн ысык жолдош. *Жаракөр жан жолдошум, Келсе экен деп самаймын* (Маликов).

**ЖАН ЖӨКӨР** 1. Жанында жүрүүчү, жандоочу, бирге узатышып жүрүүчү жөкөр. *Аңгыча болбой байдын дагы бир жан жөкөрү жетип келди* (Абдукаримов). 2. Бирге жүргөн жолдош-жоролору, *Жайлообайдын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн уу-чуулары күчөгөндөн-күчөп, айыл ичине жайыла баштады* («Чалкан»).

**ЖАН КАЗАН** Жанга байланып жүрүүчү жеңил казан.

**ЖАН КАЙЫШ** Ат жабдыгынын бир бөлүгү. *Аттар жан кайышта тек турбай, ооздук чайнап селтең этет* (Сыдыкбеков).

**ЖАН КЕПИЛ** Бирөөнү кепилдикке берүү, жаны чыкканча бирөөгө берүү. *Мен аны жан кепилге берем да, кайра анын канын соруп, танын алам.*

**ЖАН КЕЧТИ** Ар кандай кыйынчылыктан, жамандыктан баш тартпаган өлөрман, өжөр, эмне болсо ошо болсун деп жанын кыйган шум адам. *Куралдуу күзөт турбагандыктан андай жан кечтилер кимден айбыгышмак* (Саатов). *Кыял менен үмүткө алданган бир апенди чалышпы, болбосо бүт өмүрүн көксөгөн ишке сайып ийген жан кечти адамбы?* (Кушпеков). – *Ушул кагаздын айынан кимдер гана жан кечти болбоду* (Ашымбаев). *Чын болсо да жан кечти Чыдай берет касамга* (Токтогул). *Тек анын айбаты, сүрү тигил жан кечти каракчылардын көзүнө ошондой болуп көрүнө түштү* (Сыдыкбеков).

**ЖАН КИРҮҮ** 1. Тирилүү, өмүр сүрүү, жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу. *Тил-оозу жок сулк жаткан балага жан киреби деген үмүт менен жарданып карап турушту* («Ала-Тоо»). *Болду-болбоду Серекке кайра жан кирди* («Кыргызстан маданияты»). *Догдурларың жаңылып калган го чамада... Үрбү ошол арада кишиге жан киргенин көрүп, не кайгыраарын, не кубанаарын билбей алдастай түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Жаз келип, күн узарып, айлана-чөйрөгө жан кире баштады.* 2. Жандана баштоо, кызуу абалга өтүү (ишке же кандайдыр бир кыймыл-аракетке карата). *Комузга жан киргендей улам күчөй баштады* («Ала-Тоо»). *Бири келсе, бири кетип теримчилер, Жан кирет кең кырманга таң атпастан* (Абдыраманов). *Эл көбөйүп, базарга жан кирип калган экен* («Ала-Тоо»). 3. Тынуу, чыйралуу, бирөөгө каршылык көрсөтө алгыдай абалга жетүү деген мааниде. *Эмне кыларын билбей айласы кетип турду эле, алды жактан топ караан көрүнө калганда жан кире түштү* («Ленинчил жаш»).

**ЖАН КҮЙГҮЗҮҮ** Аябай ачуусуна тийүү, намысына келтирүү, ызасын жеткирүү. *Туугандарынын жан күйгүзө айтканын Сарала тим олтуруп укту* (Сыдыкбеков). *Ысык-Көлдүн тагдырына көбүрөөк жан күйгүзүп жаткандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАН КҮЙӨР** Каралашар, кайрылышар, боор тартар, акыл-насаатын айтар. *Мага көп акылман адамдай, жан күйөр устаттай сезилип кетет* («Кыргызстан маданияты»). *Эгер көзүм өтүп кетсе, Чынарды карай тур-*

*ган жан күйөр эч ким жок* (Бердикеев).

**ЖАН КУЛАКТЫН УЧУНДА** Кандайдыр бир катуу коркунуч алдында, чочулап үрөйү учкан, коркуп санааркаган абалда. *Замана олку-солку болуп, жан кулактын учунда турганда өздөн чыккан жат жаман* (Тойбаев). *Мен жан кулактын учунда болуп, араң жатып жүрдүм бул үйдө* (Медетов). *Ага эч ким серп салбады, жан кулактын учунда бараткан ызы-чууда эч ким байкабады* (Касымбеков). *Азыр жан кулактын учунда турганда, кулкунуңа этият болбосоң бирди көрөсүң* (Каимов).

**ЖАН КЫЙЫШПАС, ЖАН АЯШПАС** *же* **жаны бирге** Бири-бирине өтө ысык, абдан жакын, жакшы көрүшкөн ынак, таттуу дос. *Чоро менен Даакынын жан кыйышпас дос экендигин айылдагылардын баары билишет* («Ала-Тоо»). *Айрыкча жан аяшпас досум Тарас, Алдымда жөлөк болду кыйындыкта* (Абдыраманов). *Кызынын Нарын шаарында кыйышпас жакын достору бар* (Баялинов). *– Чагыржан! Мен мурда кан жолдо кошулган жан кыйышпас түгөйүң элем, эми күйөө балаң болоюн* (Осмоналиев). **В.: Жан кыйбас.** *Таарынса да ал эмне кылган менен бирге окуган жан кыйбас жакын, жакшы курбу эмеспи* (Баялинов). **Жан аяшпас.** *Бир кезде экөөбүз жан аяшпас дос элек* («Ала-Тоо»).

**ЖАН САКТОО** Оокат-тиричилик кылуу, жашоо. *Андан көрө экөө баш кошуп жан сактабайбы* (Каимов). *Тургун революциядан мурда мергенчилик менен жан сактаган киши эле* (Баялинов). *Ар намысыңды сатпай, адамкерчилигиң менен жан сакта* (Жантөшев). *Чалкалмак – эл чабуу, жер басып алуу менен жан сактаган неме* («Эр Табылды»). *Араң оокат кылчу элем, Малым менен жан сактап* (Токтогул).

**ЖАН САЛУУ** Актыгы үчүн жоопп берүү, ант берүү, касам ичип ишендирүү маанисинде. *Жан салсаңар, Актыгым үчүн ушул турган балдарымдын биринин эмес, баарынын жанын беремин* (Сыдыкбеков).

**ЖАН СЕПИЛ** Жек көрүнчү. «Жан» – «тын», «сафил» – «жек көрүнчү». *Ашырбай деген эме малдарынын туягын санап, аларды жанынан ашык көрөт. Жылыга ичим деп ийрейип, ооруп калат иш убагында. «Эй, жан сепил, тиги малыңдан сат. Курорт-мурортко барып дарылан», дейм. Ашырбай болсо, «иш калып атпайбы» дейт* (Сулайманов).

**ЖАН СООГА** Өлүмдөн аман алып калууну суранган өтүнүч, абдан өтүнүү менен суранган сөз. *– Уа-а! – деп келип, Карасакал Амандын бутун кучактап жыгылды. Айланайын палбан, жан соога* (Касымбеков). *Антпе, Шаке, бир ачууңузду мага бериңиз? Жан соога, баатыр, жан соога* (Бердикеев). *Өгүзгө таңып, чыргайды аралатканда дагы жан соога сураган эмесмин* (Осмоналиев). *Ханым, жан соога,– дешти эл чуулдап* («Жомоктор»). *Келгениң эстеп, кейиймин түтөп ар дайым, Жан соога сурап, тоолорго качып таянып* (Мамеев).

**ЖАН СУРОО** Өмүргө тете, жанын көзүнө көрсөткөндөй кыйноого салуу, көбүнчө ушинтип аткарылчу, бүтчү иш, эң оор жумушка байланыштуу. *Турмушта ошондой адамдын жанын сурачу иштер да болот* (Сыдыкбеков). *– Кой досум, мунуң адамдын жанын сурачу иш экен, мага таарынба, – дедим* («Кыргызстан маданияты»). **К.: жашын суроо.**

**ЖАН ТАЛАШУУ** 1. Кандайдыр бир коркунучка, өлүмгө ж.б. каршылык көрсөтүү, андан кутулуу үчүн жан далбас кылып катуу аракеттенүү, жан аргасын издөө. *Чалдын онтоосу күчөп, жан талашып, бир нерселерди айта берди* («Ала-Тоо»). *Чал дирт-дирт этип буту-колун тыбыратып, жан талашып көпкө дейре жерди тырмалай берди* («Ала-Тоо»). *Балдарым сууга кетпесин деп жан талашкан эненин эки колу карышып калган* (Сыдыкбеков). *Шайык да ээр менен кошо сүйрөлсө керек, жан талашып тырмалаганбы, айтор беш колунун тагы карга түшүп калыптыр* (Эсенканов). 2. Жан аябай катуу иштөө, жанын үрөп иштөө. *Дүйнөнү кайра жарата тургансып, жан талашып, ойго-тоого урунуп иштеп жүрүп, ден соолуктан ажырап калдык* (Бердикеев). *Жан талашып жакшы иштедим* (Жантөшев). *Жалаң этке жаргак боркок керилип, Жан талашат эки-үч уста берилип* (Токомбаев). *Жан талашып үңкүрдүн оозун тырмалашса керек* (Бөкөнбаев). *Ишти эрте бүтө коёюн деп жан талашып иштеди* («Ала-Тоо»). 3. Бир нерсеге ишендирүү, ынандыруу, аны далилдөө максатында катуу аракеттенүү, мойнуна албай жанын сабоо. *Ашырбек Карел досун чакырып, калыска тартып, жанагы сөзүн жан талашып кайра айтса да, Шволик тиштенип уга бербеди* (Ашымбаев). *Ал ошондой «суу жукпас» да, жан талашып таныпкетти* («Чалкан»). *Ушундай жан талашкан аракети менен Эдиге төрөнү дагы ынандырды* (Осмоналиев).

**ЖАН ТАРТУУ** Бирөөгө боору ачуу, жакынсып анын таламын талашуу, жардам көрсөтүү, колдоо, жактоо. *– Ой, Чаңгил, чүнчүттүң го баланы! – деп апам мага жан тартты* (Касымбеков). *Бу да Садыкка жан тартат окшойт* (Байтемиров). *– Эй, биз сага жан тартып, жакшылык каалап жатсак, бул эмне дегениң?* (Медетов). *Жетимдин идиректүүлүгүн, ыймандуулугун байкагандыктанбы, жан тартып Байымбетти имерүүдө* (Бейшеналиев). *Байдын аялы... кандайдыр жан тарткансып, эч кимге кордотпостон колдоп турчу* (Эсенкожоев).

**ЖАН ТАСЛИМ БОЛУУ** Өлүү, жаны чы-

гуу, дүйнөдөн кайтуу, көз жумуу. – *Ага жетпей жолдон жан таслим болсомчу?* – *деп жооп берди оорулуу* («Кыргызстан маданияты»). *Атантай ата созулуп жан таслим болор менен эле туш-тушка чабаган кетти* (Сыдыкбеков). *Оорубай-сыктабай, бир күн төшөктөн турбай жан таслим болду* (Медетов). **В.: Жан таслим кылуу.** *Чогуу олтуруп ыраазылык айтыша албай жан таслим кылганы жатат* (Каимов). *Ошол жакта жүрүп жан таслим болсом, катын, балага өзүңүз көз саларсыз* (Сыдыкбеков).

**ЖАН ТЕР** Өтө катуу кыйналгандан, ооругандан, корккондон, уялгандан же болгон күчүн аябай жанталашып аракеттенүүдөн чыккан тер. *Айгыр да көзүнөн бери жан терине жуунуп келаткан экен, бирок үстүндөгү боз ала чаң баланын өжөрлүгү менен азыркы сүрөөдөн күчөп алыптыр* (Жакыпбеков). *Жаның ооруганда жан териң чыгып эле башыңдын ичи ысып чыгат экен* (Жусубалиев). *Тирүүчүлүктү да ойлоого чолосу жетпей жан тери келип, бардык аракети душманды өлтүрүш болуп жатты* (Абдукаимов). *Башымдын какшап ооруганы күчөй берди, жан терим келди* (Бердикеев).

**ЖАН ЭТ** Аябай азап чегүү, катуу кыйналуу.

**ЖАН ЭТИН ЖЕП** Катуу кыйноо тартуу, азап чегүү, аябай кыйналуу. – *Чын, таңыркаба, улугум. Жанымдын этин жеди. Жададым...* – *деди* (Касымбеков). *Жайлата жан этиңди жеп өндүрүп алган кызылыңан чекең жылыйбы?* (Өмүрбаев). *Ордонун бирде төрүнө өтүп, бирде улагасында улактай мууздалып калып, жан этин жеп күн көрөрсүңөр* (Касымбеков). *Таштанбек сыяктуу нечен-нечен чаарыкерлерди жалдап алып, жан этин жедире иштетип, акысын бербей жонунан кайыш тилчү Егор эч убакта мындай болот деп ойлогон эмес* (Саатов).

**ЖАНА I** Өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болбогон, өзгөрүлбөй турган, бирок сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу милдетин аткарган кызматчы сөз. *Уландар жана кыздар! Мамлекетибиздин келечеги жана өзүңөрдүн келечегиңер өз колуңарда экендигин эсиңерден чыгарбагыла!* («Кут билим»).

**ЖАНА II** 1. Мындан бир аз мурда, бая. *Жана сиз сүйлөшкөн сөздү Кара Санькага айткан жоксузбу, байке?* – *деп сурады* (Абдукаримов). *Оштон жана эле келдим* (Абдукаримов). 2. Дагы. *Жана кызык мунум бар, Төштүк төрөм угуп ал!* («Эр Төштүк»). *Бул Төштүктүн кыйындыгын, Жана сынап көрөйүн* («Эр Төштүк»).

**ЖАНАГИНТ** Жана жасалган ишти, сөздү кайтала жана түшүндүрүлгөндөй жаса, жанагыдай болуу, мурда болгондой аракеттенүү. *Бабалар жанагинтип көрүнөө турган ташты каракчы дешти* (Сыдыкбеков).

**ЖАНАГИНТҮҮ жанагинт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНАГЫ** 1. Мындан бир аз мурда болгон убакыт ичиндеги. *Ээ, түгөнгөн Жанаалы, Сенин убадаң кана жанагы?* (Токтогул). 2. Алиги. *Жанагы киши эмне кылып жүрөт* (Жантөшев).

**ЖАНАГЫДАЙ** Жанагы сыяктуу. *Жакындап барып турууга, Ою кетти Төштүктүн, Жанагыдай кылууга* («Эр Төштүк»).

**ЖАНАГЫНЧА** Жанагыдай, жанагы өлчөмдө, мындан бир аз мурда болуп өткөнчөлүк жана болуп өткөн сыяктуу. *Жанагынча көп үйбө. Жанагынча ала кел.*

**ЖАНАЖАН** Жаны бирге, ажырагыс, эң жакшы көргөн, сүйкүмдүү

**ЖАНАЗА** Өлгөн адамдарды коюлуучу жерине алып чыгардын алдында окулуучу дуба. *Кур дегенде эски-уску бирдемеси болбосо, молдолор жаназа окуудан да качышат* (Абдукаримов). *Жаназасын окуду, Жаангер Кожо карысы.* («Манас» С.О.).

**ЖАНАКЫ жанагы** менен бирдей. *Жанакы эр мүчөлүү жеңекең, Эки кулач чоң чылбыр, Узунун тандап такты, эле* («Семетей»).

**ЖАНАП** Улуу даражалуу.

**ЖАНАР ТОО** Төбөсүнөн мезгил-мезгили менен эриген минералдык заттар (лава), ысык газ, тоо тектеринин сыныктары ж.б. атылып, бүркүлүп чыгуучу кратери бар конус түрүндөгү тоо.

**ЖАНАТ** Күрөң сары түстөгү кымбат терилүү аң жана ошол андын териси. *Жанаттан ичик кылайын, Жакасын кундуз кынайын* (Токтогул). *Кайырма жака жанатын, Желбегей тартып жамынып* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖАНАТАН** Мындан бир аз мурдараак, баятан, баятадан. *Жанатадан бери айта албай турганын айтып, оор жүгү жонунан түшкөндөй болду* (Байтемиров).

**ЖАНАШ** Жанына жакын жүрүү, жанаша туруу, катарлашкан абалда болуу. *Капчыктары жонунда, Катар басып жанашып* (Үмөталиев). ‖ Жакындашуу, мамилеси жакын болуу. *Жаман менен жанашсаң, Жалаасына каласың* (Сыдыкбеков). *Келгенсип сен да салкындап, Кыялым менен жанашам* (Маликов).

**ЖАНАША** Катар, бири-бирине жакын, катарлаш. *Тообай кыт-кыт күлүп, аппак сакал карыяга жанаша отурду* (Абдумомунов). *Эки райондун малчылары жанаша конушуптур, Оюн-тамаша көп* (Каимов). *Катар-катар ак үйлөр, Тигилип турган жанаша* («Курманбек»).

**ЖАНАШТЫР жанаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАНАШУУ жанаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНАЯК** 1. Жол жүргөндө, жоого аттанганда, мал оттотуп же көчүп жүргөндө

колдонулуучу жыгач идиш. 2. Насыбай ийлей турган идиш. Чөйчөк сыяктуу тегерек же сүйрү формада, түбү, жан жактары калың, ичи чуңкур, саптуу жасалат.

**ЖАНБАШ** *туурасы:* **жамбаш.**

**ЖАНБОЗ ‖ ЖАНБУЗ** *аңч.* Өңү сары, канаттары жана куйругу, боо тагары кыска, тырмактуу келип колго оңой конуучу, көзү кызыл, мойну узун кыраан бүркүттүн түрү. *Ал тап тилебей турган, тойгузуп алып сала берсе, ала берүүчү, ырыска шерик кыраандын бири* (Иманкулов).

**ЖАНГА БАТУУ** Бир нерсенин запкысын тартып аябай кыйналуу, жан кейиткендей, намысына тийгендей өтө катуу таасир этүү (кандайдыр бир шарт, бирөөнүн кордогону, же суук тил ж.б. карата). *Эми үйдөн тарткан ызасы жанга батып, даттанар кишисин тапкандай ээн тарапка ашыкты* (Исмаилов). *Мен талаадан келген сайын Ашымкандын ыйлап отурганы жанга далай баткан* (Элебаев). **В.: Жанына батуу.** *Анна аяктан кам санабаганы менен береги ондон ашык баланын онтогону жанына батты* (Ашымбаев). *Акыры оор жумуш жанына батып, курсагы тойбой баратканда, экинчи бир айылга жөнөдү* (Осмоналиев). **Жанга тийүү.** *Ал жерде таятанын жанга тийген ач көздүгүн... башка нерсенин бардыгын унутасың* («Ала-Too»). **Жанына таш батуу.** *Атка минерлердин кысымынан жандарына таш батты* (Бейшеналиев). *Ышкынаалынын жанына таш батып кетти* (Байтемиров).

**ЖАНГА КҮЧ КЕЛҮҮ** *к.* **жанына күч келүү.**

**ЖАНГА ТЕҢЕБӨӨ** Бирөөлөрдөн өйдө саноо, жогоруу саноо, башкалардан артык деп эсептөө. *Гүлмира да, Нурлан да өздөрүн жанга теңешчү эмес* (Борбиев). *Байкуш Калийпа кантсин, Зарылбубүсүн жанга теңебейт* (Өмүрбаев). *Самтыркан өзүн деле жанга теңебейт* (Байтемиров).

**ЖАНГА ТИЙҮҮ** *к.* **жанга батуу.**

**ЖАНДА** 1. Жанында, жакын аралыкта болуу, жанаша катар басуу, катарлаша жүрүү. *Мусабек арабаларды жандай чаап келе жатат* (Сасыкбаев). *Эркин Каныбекти жандап бара жатат* (Жантөшев). ‖ Жанына жакындап келүү, жанына чукул келүү. *Жашыл вагон келгенде, Жандап барып караймын* (Маликов). 2. Бирге болуу, бир жүрүү, жакын мамиледе болуу. *Ак куудай басып толгонуп, Жандаган жакшы жеңесин* («Саринжи-Бөкөй»). *Көңүлү туура теңтушту Жандагыла, балдар ай* (Барпы). ‖ Кошомат кылып жакындоо, жагынып кошо жүрүү. *Эшен калпа дагы бар Бай-манапты жандаган* (Токтогул). *Сейит Иса молдону кандай жандаса, а дагы Азимди... шынаарлап... жүргөн* (Сасыкбаев).

**ЖАНДА ЖОК** Абдан мыкты, чыгаан. *Келиним, бечара, жанда жок жакшы адам* (Медетов). *Колуктусуна жанда жок белек берүүнү самаган.*

**ЖАНДАЙ КӨРҮҮ** *же* **жанындай көрүү** Абдан жакшы көрүү жакын саноо. *Жазуучунун жандай көргөн жакыны – эч ким билбес эң кадырлуу киши бар* (Шүкүрбеков). *Сизди Жылдызкан жанындай көрсө керек* (Байтемиров).

**ЖАНДАМА** 1. Бычактын кынын курга бекитип турган кайыш. 2. *өт.* Кошумча, толуктагыч. *Жандама суроолор берүү аркылуу окуганынын кыскача мазмунун айтып берүүгө жетишет.*

**ЖАНДАН** 1. Өлдү деп эсептелген же тирүүлүгү шектүү болуп кыймылсыз же сулк жатып калган абалдан тирүүлүк белгилери билине баштоо, кыбыраган кыймыл-аракет пайда болуу, жан кирүү. *Жазгы күндүн жаркыраган нуру менен курт-кумурскалар жандана баштады. 2.* Кызуу кыймылга кирүү, дуулдап күчөгөн, өркүндөгөн абалда болуу, өнүгө баштоо, күчөө. *Тамашалуу сөз менен эл арасы жандана түштү* (Жантөшев). *Үй ичи айылдагыларга толуп, жандана түштү* («Жаш ленинчи»). *Андрейдин келиши менен революциячыл иш, кыймыл жандана түшкөндөй болду* (Сасыкбаев). 3. Кайдыгер, жайынча абалдан активдүү абалга өтүү, дем пайда болуу, кызыксынуу жагы күчөө. *Ындыны өчүп, капа болуп отурган кыз Жамалды көргөндө жандана түштү* (Байтемиров). *Бирок...– деп, Күлжан мукактанганда, энеси жандана түштү* (Байтемиров).

**ЖАНДАН АША КЕЧҮҮ** Өзүн-өзү өлүмгө кыюу, өлүмдөн баш тартпоо, корккондү, сактангандыбилбөө (көбүнчө бир нерсеге өтө наарazы болгон, же катуу кыйналган абалга карата). *Азыр эле жандан аша кечип, замнасы куурулуп отурган Ыскак Аскардын бул жардамына түшүнбөдү* (Исмаилов). *– Сен жаныңдан аша кечкен эмессиңби?* (Убукеев). **В.: Жандан кечүү.** *Эл үчүн жандан кечип, эл бактысын душмандын чеңгелинен алат тартып* (Токомбаев). *Өлүмгө өлүм менен жооп кайтарып, Эрк үчүн жандан кечти далай эрлер* (Үмөталиев). **Жанына тоюу.** *– «Суроо бербе» деп эскертпедимби. Же жаныңан тоюп турасыңбы?* (Медетов).

**ЖАНДАН ТҮҢҮЛҮҮ** Өлөт экенмин деп ойлоо, жашоодон үмүт үзүү, абдан коркуу. *Учуп тору ат жүгүрдү, Үстүндөгү Айчүрөк Чымындай жандан түңүлдү* («Сейтек»). *Көчтөгүлөр жандан түңүлүп, эмне кылаарын билбей жатышканда Ысмайыл ошо замбирек жарылган жерге жакын барды* (Сыдыкбеков). *Башкасын билбейм, мен өзүм жанымдан түңүлүп калгамын* (Убукеев). *Ошондо туруп Байгашка, Өз жанынан түңүлдү* (Осмонкул).

**ЖАНДАНДЫР** **жандан** этишинин аркылуу мамилеси. *Тоо башындагы кылымдар бою эрибеген мөңгүнүн салкыны талыган*

*бойду жандандырды* (Байтемиров).

**ЖАНДАНДЫРУУ** 1. **жандандыр** этишинин кыймыл атоочу. 2. Адабий-көркөм ыкма, табияттык көрүнүштөрдү жана жансыз нерселерди жандандырып, адамзаттык маани берүү. *Бир кезде чыдай албай кабак чытып, Ала-Тоо муң пардасын алды тытып, Ысык-Көл буу чыгарып толукшуду, Тереңде күрөш күчүн турган катып* (Турусбеков).

**ЖАНДАНТ жандандыр** менен бирдей. *Фабрика, завод орнотуп, Автомат күчүн жанданттык* (Нуркамал).

**ЖАНДАНУУ жандан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНДАР** Жандуу, жаны бар. Жердин бети ачылып, Жатактагы жандарлар, Жадырап баары жайылып («Эл адабияты»).

**ЖАНДАРМ** 1. Жандармерия полициясынын төмөнкү даражасы. *Бир кезде бакма тайгандай жандармды ээрчитип аппак сакалын сапсыйта эшиктен кирген Ивановду көрүшту* (Баялинов). 2. *өт.* Улуттук боштондук, революциячыл кыймылдын басуучусу, ушул максаттарда аскердик жана полиция күчтөрүн колдонуучу.

**ЖАНДАРМА** Жандарм, революциялык кыймылга каршы уюштурулган полицияда иштөөчү адам. *Жандарма төрө залимдер, Жаралган менин шорума* (Токтогул).

**ЖАНДАРМЕРИЯ** Мурдагы падышалык Россиядагы аскер тартибинде уюштурулган мамлекеттик полициянын отряддары.

**ЖАНДАТ** 1. **жанда** этишинин аркылуу мамилеси. *Саяпкерден эч адам, Жиберген жок жандатып* (Тоголок Молдо). 2. Бир нерсени ачык, түз айтпастан кыйытып айтуу. *Жандатып айт.* ‖ *Өзү түшүнөр дегенсип жандатып койду* (Сыдыкбеков). *Айтканда жүйө сөзүн жандаткандай айт* (Маликов).

**ЖАНДАТМА** Ачык эмес кыйытып, каңкуулап айтылган. *Темиров суроону тике бербей жандатмага салды* (Жантөшев). *Ушундай жандатма суроону берди да, Абсамат Күкүнү карап койду* (Таштемиров).

**ЖАНДАТУУ жандат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНДИМИ** Көрүп-билип турса да, көргөн жокмун, билген жокмун деп жанын сабап танган. *Жандими жансыз айгак бар, Жан бергенден тартынбайт* (Тоголок Молдо). *Андай жандими жүзү каралар уялабы?* (Жантөшев).

**ЖАНДОО жанда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНДООЧ** 1. *грамм.* Өз алдынча колдонулбаган жана маани бере албаган, өзү башкарган сөздөн кийин келүүчү, мааниси жагынан жөндөмөлөргө жакын турган жана сүйлөм мүчөлөрүнүн арасындагы багыныңтуу байланышты көрсөтүүчү грамматикалык каражаттардан болгон кызматчы сөздөр. Мис. кийин, менен, көрө, үчүн, дейре ж.б. *Жаралдым сыйлаш* ***үчүн*** *туулган жерди* (Осмонов). *Тездик менен ырдоо. Сен аркылуу түшүндүм.* 2. Жандап жүрүүчү. *Жамандын жолдошу көп дегендей анын жанынан жандоочтору үзүлбөйт* («Ала-Тоо»). 3. *астр.* Коштоп жүрүүчү, жандап жүрүүчү. *Ай жердин жандоочу.*

**ЖАНДООЧУ** 1. Коштоочу, жандап жүрүүчү, жанында бирге жүрүүчү. *Экөөндө мылтык, үчөө жандоочу болушмак* («Кыргызстан аялдары»). ‖ Кыз куумай оюнунда кызды же жигитти коштоп жанында жүргөн жигит же келин. *Кызга өзүнүн жеңеси жандоочу болду.* 2. *эск.* Спутник. *Жердин жасалма жандоочусу.*

**ЖАНДУУ** 1. Жаны бар, тирүү, тирүү жандыктар дүйнөсүнө таандык. *Кантип өлүм кыйды экен, Асыл жандуу адамды* (Токомбаев). *Булут, чоң энең айткандай, тукумдап узак жашоочу жандуу жаратылыш эмес* (Сыдыкбеков). ‖ Ар кандай айбанаттардын, жаныбарлардын ж.б. жалпы аты, тирүү организм. *Жандууларды качыргандай Кара булут күркүрөйт* (Токомбаев). *Сансыз көп жандуу, жансыз казынамды, Айтууга акыл жетпейт түгөл жыйып* (Осмонкул). *Жандуулар жандан түңүлөт, Коркоктор качып бүлүнөт* («Эр Төштүк»). *Айланада мыдыр эткен жандуу жок* (Сыдыкбеков). 2. Тың, чыйрак, шыпылдаган өткүр, эпчил. *Жандуу жигит көрүнөт.* 3. Кызуу, тынымсыз кыймыл-аракетте болгон, активдүү. *Алардын арасында жандуу кыймыл, кубанычтуу күлкүлөр пайда болду* (Жантөшев). *Ыр, күү, жандуу кыйкырыктар угулат* (Бөкөнбаев). 4. Кандайдыр бир нерсеге жакын, ошого ынак, ошону жакшы көргөн. *Ачкыл жандуу киши экен* («Эр Табылды»). *Атасы Манас жашынан, Ачкыл жандуу болучу* («Семетей»).

**ЖАНДУУ ДАРТ** Эски диний түшүнүк боюнча кандайдыр сыйкырдуу күч тарабынан пайда болгон, акыл-эси, ойлоо жөндөмдүүлүгү бузулган психикалык мүнөздөгү оору, жин оорусу. *Алтынай эч ким менен сүйлөшпөйт. Тескери карап жатканы жаткан. Айланадагылар мунуку жандуу дарт өңдөнөт деп, айың кыла баштады* (Жантөшев). **В.: Жандуу илдет.** *Бул бечаранын жандуу илдетке учураганы көп болгон экен, оору эскирип кеткен тура, – деди кыздын тамырын кармап көргөн чал* («Ала-Тоо»).

**ЖАНДУУЛУК** 1. Жаны бар болгондук, тирүүлүк. 2. Бышыктык, тыңдык, чыйрак болгондук, эпчилдик. *Жигиттин жандуулугунда айып жок. 3.* Кызуу аракет, кызуу өрчүп-өнүккөндүк, пассивдүү эмес. *Үмөталиевдин поэзиясындагы негизги өзгөчөлүк: биринчиден, окуянын жандуулугунда* («Ала-Тоо»).

**ЖАНДҮЙНӨ** Адамдын ички дүйнөсү, сезими. *Кыялың алып-учуп турган чакта,*

*жандүйнөңө бүтүндөй аалам батып турабы дейм* (Айтматов). *Айбандан адамдын айрымасы-жан дүйнөсү бар эмеспи...Жан дүйнөсү болсо башканын үмүт тилегин сезбейби, аябайбы...* (Айтматов).

**ЖАНДЫ ЖАНГА УРУУ** Бардык күчүн, бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап катуу аракеттенүү, тыным албай, баш көтөрбөй иштөө, жанын таштап, жан талашып иштөө. *Таң заардан кызыл күүгүмгө дейре жанды жанга уруп жүрсөк, мындан өткөн тозок барбы* (Ашымбаев). *– Ойлонолу! мөөнөттү кыскартыш үчүн жанга жанды уруу керек* («Ала-Тоо»). *– Бизди багам деп жаныңды жанга уруп жүрөсүң* (Укаев). **В.: Жанын жанга уруу.** *Балдарды багам деп жанын жанга уруп жүрүп, апам оорукчан болуп калды. Бирди эки кылам деп жанын жанга уруп жүрүп өмүрү өтүп келатканын эстеп, ары-коруна келди* (Мырзаев). *Арык койлор шоронун сөңгөгүн кемирип жандарын жанга урууда* («Чалкан»).

**ЖАНДЫ ООЗГО ТИШТӨӨ** 1. Баарына тобокел кылуу, өлөр-тирилерине карабай тобокел деп кирише берүү. *Мындан ары алар жандарын оозго тиштеп, өмүр менен өлүмдүн таразасында турарын билишти* (Абакиров). *Жеңилиш үчүн эмес, жеңүү үчүн жанын оозуна тиштеп тайманбайт* («Кыргызстан маданияты»). *Жандарын ооздоруна тиштеп суу кечкен жигиттерди карап турган кызды калтырак басты* (Абакиров). 2. Абдан коркуу, титиреп жүрөк заада болуу. *Качанка дейре жаныңды оозго тиштеп, эл көзүнөн жашырынып сойлоп келесиң?* (Осмоналиев). *Бул жырткычтар кандай иштесе тырп эте албайбыз, азуусунда гана турабыз жанды оозго тиштеп* (Касымбеков). *Биз байкуш ал күнү жаныбызды оозубузга тиштеп, тышка түнөп чыктык* («Чалкан»). **В.: Жанды кылга байлоо.** *Балалуу жаңжал башташты Байкуш жанды экөө тең, Кылга байлапташташты* («Сейтек»). *Эл үчүн жанын кылга байлаган, жүрөгүндө оту бар эр-азаматтар сөз менен даңазаланат.* Жанды колго алуу. *Кылыч менен чабышып, Жанды колго алышып* («Манас»). Жанды колго кармоо. *Корккон байкуштар жанын колго кармап жүрүшкөнсүйт* (Жантөшев). *Өзү өлөрүн түк билбей, Жанын колго кармаган* («Сейтек»).

**ЖАНДЫ СЕП АЛДЫРУУ** Эс алуу, дем алуу, тыныгуу. *Мастерскойдо иштеп жаткандар ошол беш мүнөттүк жанды сеп алдыргандын ортосунда Черновдун сөзүнө кулак түрүштү* (Ашымбаев). *Курган жанды сеп алдырар чак жетти* (Бейшеналиев).

**ЖАНДЫК** 1. Жан-жаныбар. *Бардык жандык жарык үчүн күрөшөт* (Токомбаев). *Шырт этип жалгыз жандык кыймылдабай, Көл жатат толкуну жок тосмо суудай* (Элебаев). 2. Майда мал, кой-эчки. *Жылыга мектептин пионерлери колхоздун бирден жандыгын алып, короосуна багышчу* («Жаш ленинчи»). *Азыр деле анча кедей эмесмин, Жүздөй жандык, ондон ашык кара бар* (Токомбаев).

**ЖАНДЫР I жан II** этишинин аркылуу мамилеси. *Саша оң колу менен жиптин бир учун жандырды* («Жаш ленинчи»).

**ЖАНДЫР II жан IV** этишинин аркылуу мамилеси. *Тек гана элпек кыймылдап, ширеңке тартып, лампа жандырды* (Сыдыкбеков).

**ЖАНДЫРААЛЫ** Генерал. *Жандыраалы, кинези, арабасы, чанасы* (Молдо Кылыч).

**ЖАНДЫРМАК** Табышмактын жообу, кандайдыр бир табышмактуу сөздүн ж.б. чечилиши. *Ошондогу табышмактуу сөзүңүздүн жандырмагын айтыңызчы* (Жантөшев).

**ЖАНДЫРМАКТУУ** Жандырмагы бар, жообу табыла турган, табышмактуу, сырдуу. *Жандырмактуу кеп.*

**ЖАНЖЕГИР** Жан койбогон, тынчтык бербеген, бүлүк түшүргөн, кыйнаган, кыжалат кылган адам. *НКВДнын жанжегир тергөөчүсү дагы келди, келгенде да кан шимирип, чучукту соруп алчудай болуп, кыргый көз менен кылыя карап турду.*

**ЖАНЖЕМИЛ** *диал.* Тамыры жыттуу, даамдуу, татымал катары колдонулат. Ысык өлкөлөрдө өсүүчү өсүмдүк. Имбирь деп аталат.

**ЖАННАТ** Бейиш. *Жалган жайын жарытылуу биле албай, Жаратканга жалынып, Жаннатынан жай сураган бир бечара жанбыз да* (Даникеев). *Өлгөнүң болсо чыгарам, Жаннатыма жаныңды.* («Манас» С.О.). *Айткулу ниети дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун* (Баялинов). *Бардыгы жаннатка баргысы келет, бирок эч кимдин өлгүсү келбейт.*

**ЖАНР** Искусство чыгармасынын мазмуну жана чагылдыруу ыгына жараша бөлүнгөн түрлөрү, мисалы, адабиятта – эпикалык (роман, повесть, аңгеме ж.б.) лирикалык (лирика, ода, эллегия, баллада ж.б.), драмалык (драма, трагедия, комедия), сүрөттө – тарыхый, баталдык, натюрморт ж.б.

**ЖАНРДЫК жанрга** тиешелүү. *Жанрдык ар түрдүүлүк. Жанрдык байланыш.*

**ЖАНСАКЧЫ** Жогорку кызматтагы адамдардын өмүрүн коргоо максатында аны коштоп жүрүүчү киши.

**ЖАНСЕРЕК** Чала жан, араң жан, араң эле жаны бар, *Жансерек түшкөн козуга, Тил менен сүтүң эмиздиң* («Советтик Кыргызстан»). *Суука тоңуп, жансерек тарткан колдору камтууга келбей, тезирээк жылуу үйгө жетүү көздөн учуп баратты* («Ала-Тоо»).

**ЖАНСЫЗ I** 1. Жаны жок, өлгөн, тирүү эмес. *Сүйлөшүүгө кадимкидей, Сүрөт жансыз тил албайт* (Нуркамал). 2. Кыймыл-

сыз, тынч жаткан, кыймыл-аракетсиз, ээн. *Кечеги жансыз жапан чөл, Бул күнү тили безенет* (Бөкөнбаев).

**ЖАНСЫЗ II** Тыңчы, шпион. *Датка Кайырдын айлына эчен ирет жансыз жиберип, Кайырдын кайсы убакта боло турганын, толук билип аңдып калышат экен* (Токомбаев). *Жансыз чыкса арадан, Кылбаган санат кылбайбы* (Жантөшев).

**ЖАНТАЙ** 1. Чыканагы менен жер таянып, жамбаштап жатуу, кыйшая кырынан жатуу. *Жантайып араң жатчу эле, Чалкактап жантайып, кабагын салып, күйгөн оттун жалынын тиктеп тунжуроодо* (Жантөшев). *Чоро жаңы эле чайын ичип, багында жантая жатып үргүлөй баштаган* («Ала-Тоо»). *Тезектен демеп дагы калап коюп, отту тегеректеп жантайышты* (Убукеев). 2. Ылдыйлап оой баштоо, бир жагына кыйшаюу. *Күн бешимден жантая берди*.

**ЖАНТАЙМА** Ар кандай нерсенин эңиш тарткан, жантайган абалы, тике эмес, жантык. ‖ Тоонун же дөбөнүн эңиш тартып кеткен бети, эңиштеген боору. *Сары сойгокто бетегелүү беттерден жана жантаймалардан жүрүү кыйын* (Каимов). *Ашыр жантайма боордо канга боёлуп жаткан атасын көрдү* (Сасыкбаев).

**ЖАНТАЙТ жантай** этишинин аркылуу мамилеси. *Жантайтып – жаткырып коюу*.

**ЖАНТАЙЫҢКЫ** Бир аз айдөш келген, жантаймараак, бир аз жантагыраак. *Жантайыңкы бет*.

**ЖАНТАК I** *бот*. Тикендүү чөп. *Чөп керек болсо, төө мойнун жантакка созот* (макал). *Жалбырakты жалмаган, Жантакты көрсө аймаган* (Үсөнбаев).

**ЖАНТАК II** Жантайыңкы көрүнүштө, жантык.

**ЖАНТАҢ: жантаң-жантаң** Бир жагынан экинчи жагын көздөй ооп, кыйшайып аксай баскандагы көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат. *Жантаң-жантаң басып ал булардын жанына да басып келди* (Сыдыкбеков).

**ЖАНТАНДА** Бир жагына ооп, жантайып баскан көрүнүштө болуу, жантыйган абалдагы кыймыл-аракетте болуу. *Жантаңдап, артынан калбай ээрчип алуу*.

**ЖАНТАЮУ жантай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНТЫГЫНАН ЖАТА КАЛУУ** Бир нерсеге абдан берилип эт-бетинен кетүү, ынтаасын коюу. *Кычан жантыгынан жата калып, баарын жаттап алууга тырышты* (Бейшеналиев). *Шарыйпадан Күлжан жөнүндөгү окуяны укканда Батма кулагын тосуп, жантыгынан жата калып, оюу ордунан чыккандай болуп жатты* (Байтемиров). *Жазуучулук, кабарчылык дегенде жантыгымдан жата калып, кепке тойбой жүргөн чагым* («Советтик Кыргызстан»). *Ошондон улам атасы Езефтин нары кара жумушка жармачтыгын, оюн-шоок десе жантыгынан жата каларын байкоочу* (Ашымбаев). *Сырдыбай мындайга жантыгынан жата калат эмеспи* (Осмоналиев). **В.: Жантыгынан жатуу.** *Улуулардын улама кебин жантыгынан жатып угат* (Айтматов). *Оо, оюн дегенде булар жантыгынан жатат эмеспи* (Таштемиров).

**ЖАНТЫЙ** Майрыйып бир жагына кыйшайып калуу (көбүнчө бут кийимге карата). *Апкыты жантыйган жаман кепич*.

**ЖАНТЫЙТ жантый** этишинин аркылуу мамилеси. *Чокоюн бир жагына жантыйта басып алган*.

**ЖАНТЫК** Бир жагын көздөй кыйшык, эңкейиш, кыйгачтаган. *Аркы өйүздүн кашаты жантык болгондуктан Орусбек эмгектей түшүп артына карады* (Сыдыкбеков). ‖ Майрык, бир жагына кыйшайып, жалпайып майрыйган. *Жантык өтүк*.

**ЖАНТЫЮУ жантый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАНУУ I жан II** этишинин кыймыл атоочу. *Бирок атамдын бир мүнөзү: оюна келип бир айткан сөзүнөн кайта жануу кыйын эле* (Жантөшев).

**ЖАНУУ II жан IV** этишинин кыймыл атоочу. *Мустафанын колундагы карбит чырагы өтө кароолонуп, каңырсып жанууда* (Сасыкбаев).

**ЖАНУУР** *диал*. Майда адырлардын үстү жагы, жону, айдөшүрөөк жери. *Жанууга чыга бергенде жарк дей түшөт – Акбоз белем?* (Осмоналиев). *Бир насыбай тартымда күлүктөрдүн караанЫ кадимкидей даана көрүнүп, быткыл ала адырдагы жануурларга чыкты* (Осмоналиев).

**ЖАНЧ** 1. Кандайдыр бир нерселерди майдалоо, талкалап күкүмдөө, ургулап былчыйтуу. *Көсөөнү колуна алып алдына чок тартты, аны көсөөнүн учу менен жанчып, ойлонуп калды* (Убукеев). *Береги маңдай жактагы үйдүн артында эки кыз соку жанчып жатат* (Байтемиров). *Тоту жеңем бака жалбырак алып келип жанчып жарага тартты* (Жантөшев). 2. *өт*. Аябай уруу, аябай таяктоо, талкалоо, былчылдата сабоо. *Береги бирөөнү жасоолдор жаман жанчты белем* (Элебаев). *– Сенин итти урган колуң ушубу? – деп колумдун карысынан тартып бармактарыма чейин камчы сап менен аябай жанча чапты* (Абдукаримов). 3. Катуу урунду болуу. *Кечке жол жүрүп араба жанчкандыр* (Сыдыкбеков).

**ЖАНЧАР** Кыргыздын өткөн замандардагы жоокерчилик жана аңчылык куралы. *Жанчардын бөрү тили күнгө чагылыша калганда жолборстун төшү ага чагылыша түштү* (Сыдыкбеков). *Чоңбаштын агаинилери, анын жаатын чакырышкан курамаларынан алтымыштайы чоюн баш көтөрүп, жанчар коройтуп бастырышты* (Сыдыкбеков.)

**ЖАНЧКАК** Теринин темгил-темгил болуп канталап калышы.

**ЖАНЧКЫЧ** Бир нерсени жанчуу үчүн пайдаланылуучу буюм. *Эт жанчкыч, кофе жанчкыч.*

**ЖАНЧТА** *эск.* Жанчуу. *Койгулашкан душманды, Коёндой жерге жанчтаган* («Манас»). *Бет алышкан душмандын эченин жерге жанчтады* («Сейтек»).

**ЖАНЧУУ жанч** этишинин кыймыл атоочу. *Ал күндүн толук көркү ушул эле, Максаты бирин эзип, бирин жанчуу* (Турусбеков).

**ЖАНЧУУР** *диал.* Соку (сокбилеги менен).

**ЖАНЧЫК** Чөнтөк, капчык. *Кызыл алтын дилдеден, Жанчыгыңа сал деди* («Манас» С.О.). *Жазып арыз толтуруп, Жанчыгына солоду* (Тоголок Молдо»). *Жанчыгыма кой-серке, Сала келген эмесмин* (Тоголок Молдо).

**ЖАНЧЫЛ жанч** этишинин туюк мамилеси. *Кечээ кечке арабада келатып жанчылган денесин козголтуп, жаздыктан башын көтөрүү абдан кыйынга турду* (Каимов).

**ЖАНЧЫМАЛ** Бир нече кошундудан жасалган кургак азык. Жанчымал жаңгактын данегине жүгөрү, сулу, буудайдын жанчылган даны кошулуп даярдалат.

**ЖАНЧЫШ жанч** этишинин кош мамилеси. *Келиндерге кошулуп соку жанчышты.*

**ЖАНЫ** 1. Сылай сүртүү, колу менен сылоо. *Чоң Койчу күлүмсүрөп, муруттарын жанып-жанып койду* (Жантөшев). // Кандайдыр бир нерсенин жанын сыйпап өтүү, жанына тийип өтүү, сылап өтүү, кичине тийип өтүү. *Атылган ок чымчыктын канатын жанып өттү.* ‖ *Ыргытылган таяк Асандын калпагын жанып өттү* («Ала-Тоо»). 2. Көбүнчө устара, бычак өңдүүлөрдү курчутуу максатында кайыш курга, бүлөөгө ж.б. тийгизе сүрүү, аркы-терки сүргүлөп курчутуу. *Өтүкчү бычагын жанып-жанып коюп өөнөй берди.* ‖ *Ашым курун чече коюп, устарасын жанып-жанып алды* («Ала-Тоо»). 3. Көзүнүн кыйыгы менен карап өтүү, акырын көз чаптыруу. *Асылбек аны акырын көзүнүн кыйыгы менен жанып өттү* (Баялинов).

**ЖАНЫ АЛЕК-ЧАЛЕК БОЛУУ** Жаны кейип абдан кыйналуу, жанын коёрго жер таппай алдастоо, чабалактоо, жан алакетке түшүү. *Эмне кыларын билбей Шабдандын жаны алек-чалек болду* (Баялинов).

**ЖАНЫ АЧУУ** 1. Бирөөнү аяган, ага жан тартып, боорукерлик кылып кейиген абалда болуу. *Башка түшүп турган каргашага баарынын зээни кейип, баарынын жаны ачыды* (Абдукаимов). *Эми коммунадан алыстаса, аялы таштап кеткен кургур кайда барат деп Ашырбектин ага жаны ачыды* (Ашымбаев). *Аячу элең жаның ачып энеке, Мен кой айдап, Түшкөн кезде адырдан* (Турусбеков). *Динардын жаралуу борукка жаны ачыды* (Сыдыкбеков) 2. Ызага, кордукка, теңсиздикке жаны кашаюу, абдан ачуусу келип ардануу, катуу намыстануу. *Ал айылга чыгып аркы-берки кычыткы сөздөрдү укканга жаны ачып калган белем* (Байтемиров). *Актыгына жаны ачыган дыйкан жаңжал чыгарса сабатып өлтүрүшкөн* (Бейшеналиев). *Жаны ачыган айбан баланы кежигеден алып, тиштеп ыргытса кантет* (Бейшеналиев). *Жаны ачыган элге көп сөйкөнө бербе!* (Турусбеков). *Жолдош Бакасов – деп жаны ачыган үн угулду артынан* (Айтматов).

**ЖАНЫ АЧЫНУУ** Катуу ызалануу, ичи күйүү, жаны кашаюу, жаны караюу. *Жаны ачыган элге көп сүйкөнө бербе!* (Турусбеков). *Баеттен көз кыйыгын албай анын жаны ачына айтканын жүйөө көрүп, ...зээни кейиди Адылбектин* (Өмүрбаев). *Жарадар болуп жаны ачынган аюу аска таштын сол жагы менен баланы көздөй тарталаңдап жүгүрөт* (Баялинов).

**ЖАНЫ БИРГЕ** Бири-бирине өтө жакын, абдан ынак. *Улуулугу деле жоктой өскөнбүз. Бир жатып, бир туруп жаныбыз бирге эле* (Өмүрбаев). *Искендер биздин үйгө көп келчү, агам менен жаны бирге эле* (Абдукаимов).

**ЖАНЫ ЖАЙ АЛБОО** 1. Дайыма бир нерселер менен алек болуп тынымсыз аракеттене берүү, тынч алып отура албоо, тыным албоо. *Батыйна жаны жай албай жүгүрүп жүрсө да бардык ою, бардык дили тиги телмирип отурган Абышында* (Сыдыкбеков).– *Баштаган ишти аягына чыгармайынча жаным жай албайт,– деди Ашым* (Каимов). 2. Жаны кейип абдан кыйналуу, тынчы кетип алдастоо. *Аларды ойлоп жаны жай албай сыздап жатты* (Бердикеев). *Күнөөкөр түнү бою жөтөлүп, онтолоп жаны жай албай чыкты* (Бектенов). **В.: Жаны жай таппоо.** 1. *Эртең мененден кеч киргенге чейин жаны жай таппайт, бирде талаага, бирде үйгө жүгүрүп* (Мырзаев). *Кандай жаның жай таппаган кишисиң, – деп атпайбы деп ойлоду* (Каимов). 2. *Жаны жай таба албай кыйналып онтоп жатты* (Баялинов).

**ЖАНЫ ЖАЙ АЛУУ** *к.* **жаны сеп алуу.**

**ЖАНЫ ЖЕР ТАРТУУ** Катуу чарчап, алы кетүү, шайы ооп, талмоорсуган абалда болуп, ымтырап жаткысы келүү. *Жаны жер тартып, Нурбүбү төшөккө башы тиер менен уйкуга кетти* («Ала-Тоо»). *Буттарым да ооруйт, жаным жер тартат* (Каимов). *Денеси талыкшып, жаны жер тартты* (Касымбеков). *Жаны жер тартып, карайлап, астындагы тердигин оңдоно, ээрине жаздана кыйшайгансыды* (Бейшеналиев).

**ЖАНЫ-МАНЫ КАЛБОО** Алынын бардыгынча, күчүнүн жетишинче, аянбай. *Эрке кыз дагы жаны-маны калбай терсе да*

*арбыта албайт* (Байтемиров).

**ЖАНЫ КАЛБОО** 1. Жакшы көрүү, эпилдеп жайдары, жакшы мамиле жасоо, сүйүнүү. *Таштанбек жаны калбай чебелектеп кеткенин да унутуп, жарпы жазыла берди* (Саатов). *Өйдө-ылдый өткөндө көрүп калса, жаны калбай ал-жайымды сурай кетчү* («Ала-Тоо»). *Чотур кызынан жакшы кабар алып келгенине жаны калбай аябай сүйүндү* (Абдукаимов). *Бизди көргөндө жакынсып жаны калган жок.* 2. Бир нерседен чочулап, сары санаа болуп, абдан коркуп кетүү. – *Өпкөмдү чабайын ай, өпкөмдү чабайын!.. Эмне болду экен деп жаным калсачы* (Саякбаев). *Силер эмне, өрттү оюнчук көрөсүңөрбү? – Жаныбыз калсачы, деги амансыңарбы?* (Ашымбаев). – *Анан кантем! Жаным калган жок* (Каимов). *Ой, жаным калсачы! Сен белең? – Ох! Ошондой десең, Жаным да калган жок* (Байтемиров).

**ЖАНЫ КАРАРУУ, ЖАНЫ КАШАЮУ** Жанына батып абдан ачуусу келүү, ыза болуп туталануу. *Чынкожону акмалап, Карап турган кезинде, Чындап жаны карарып* («Семетей»). *Каныкей карап турбады, Чындап жаны кашайып, Чымындай сабыр кылбады* («Сейтек»). *Жаным кашайып Моңошту камчы менен тартып жибердим* («Жаш ленинчи»).

**ЖАНЫ КЕЙҮҮ** 1. Оорудан жапа чегүүдөн ж.б. абдан катуу кыйналуу. *Баланын көзү китирейип, өңү кумсарып жаны кейип турганы байкалып турду* («Кыргызстан маданияты»). *Чөгүп калган курган эне кандан, тенден сызылып чыккан баласы үчүн жаны кейип, жүрөгү мыкчылып жүрчү* (Сыдыкбеков). *Оорудан жаны кейип турган адамга оор сөз айтуу канжар көтөргөнгө тете го?* («Кыргызстан аялдары»). 2. Бооруу ооруу, жаны ачуу, аёо. *Василий алдындагы кары адамдын аянычтуу кебетесине жаны кейиди* (Саатов). *Ага кээ бирөөлөрдүн жаны кейип турду* (Абдукаимов).

**ЖАНЫ КИРҮҮ** *к.* **жаны өз ордуна келүү.**

**ЖАНЫ КӨЗҮНӨ КӨРҮНҮҮ** 1. Бир жери катуу ооруп абдан кыйналуу, чыдай албай алдастоо, жаны кейүү. *Чучугунан бери зыркырап жаны көзүнө көрүнө калганда Эмилбек: – Апакебай, барайын! – деди* (Осмоналиев). *Аттын кыймылы сайын сөөгү кырчылдап, катуу ооруп, жаны көзүнө көрүндү* (Касымбеков). *Ысак молдо бир топко чейин өзүнүн кыйналып, жаны көзүнө көрүнүп жатканын айтты* (Абдукаримов). 2. Аябай коркуу, жүрөгү оозуна тыгылып кооптонуу. *Анда-санда катуурак чыккан Каныбектин үнүн угуп Эркайымдын бүткөн бою дүрүлдөп, жаны көзүнө көрүнөт* (Жантөшев). *Эми арттан тигилердин дабышын даана уга баштады. Жаны көзүнө көрүндү* («Ала-Тоо»). **В.: Көзүнө жаны көрүнүү.** *Семетей сууга чөмүлүп, көзүнө жаны көрүнүп* («Семетей»).

**ЖАНЫ КҮЙҮҮ** *к.* **жаны карaруу.**

**ЖАНЫ КЫЛ УЧУНДА** Өтө коркунучтуу абалда, өлүм алдында. *Култай... азыр өз ажалы менен алышып, жаны кыл учунда турат имиш* (Кыдырмышев). **В.: Жаны кыл көпүрөнүн үстүндө.** *Тоскондун жаны кыл көпүрөнүн үстүндө турганда жайын угуп, үстүнө алдырып кирген* (Осмоналиев).

**ЖАНЫ ООЗУНА КАПТАЛУУ** Катуу коркуу, корккондунан апкаарып калуу, үрөйү учуу. *Мындай кишилерди көргөндө ыманың учат, жаның оозуңа капталат* (Абдукаримов). – *Оо, акмак десе, бая эле ошентпейсиңби, жаным оозума капталып калбадыбы* (Медетов). **В.: Жаны оозуна кептелүү.** *Ошол замат жүрөгүм шуу дей түшүп, бүткөн боюм дүркүрөп, жаным оозума кептелди* (Жигитов). Жаны оозуна келүү. *Төрөлөрдүн жаны оозуна келип, келмеден башканы айтпай калышты* (Абдукаримов). Жаны оозуна тыгылуу. *Ала-Арчанын шаркырап аккан суусу кулагыма араң угулуп, ...жаным оозума тыгылып, эмне кылар айламды таппай калдым* (Эсенкожоев). *Эмне дейин? Жаным оозума тыгыла түштү* (Баялинов).

**ЖАНЫ ӨЗ ОРДУНА КЕЛҮҮ** Катуу кыйналганы, ооруганы басылып эс ала түшүү, тынчып, сергип калуу. *Баланын жаны өз ордуна келгендей болуп, көшүлүп уктап кетти* (Бейшеналиев). *Жаны өз ордуна келгендей болот* (Байтемиров). 2. Катуу коркуудан кийин жүрөгү ылдыйлап, эс алып, көңүлү жайлана түшүү, жеңилдеп калуу. *Өх, жаным өз ордуна келе түшпөдүбү. Караңгыда силерди таанымбай, үнүм да буула түштү* (Кыдырмышев). **В.: Жаны ордуна келүү.** *Заманасы куурулуп турган Качыкенин жаны ордуна келе түшүп, чынын айтып берди* (Абдукаимов). **Жаны өзүнүкү болуу.** *Жараатым кыйнаган күндөр өтүп, эми жаным өзүмдүкү болду* (Өмүрбаев). *Мынакей эми жаным кичине өзүмдүкү болуп жыргап калдым* (Кыдырмышев). **Жаны кирүү.** *Ооруган жерим басылып, жаным кире түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Сөздү Езеф алганда Аннанын өзөгү өрттөнүп, «тантырабай бат кеткей эле» – деп ойлогон. Езеф тез эле ордуна отурганда Аннанын жаны кире түштү* (Ашымбаев).

**ЖАНЫ СЕП АЛУУ** 1. Жаны өз ордуна келүү. 2. Тыным алуу, тыныгуу, эс алуу, жайбаракаттанып жайлана түшүү. *Жаны сеп алып, коридордогу эски диванга шалдая кыңкайды* (Жусупов). **В.: Жаны жай алуу.** *Касымбек азыноолак тыныгуу, жаны жай алуу керектигин ойлоду* (Бейшеналиев). *Өмүр бою эмгек менен эриш-аркак жашап, күндөлүк машакатты кесип кылып, бекерчиликти билбеген кемпирдин жаны жай алып, колу бошобойт* (Борбиев).

**ЖАНЫ СЫЗДОО** Катуу ызалануу, эмне кылаар айласын таппай кайгырып туруу.

*Батман жүк башына түшүп, жаны сыздап турган Танабай бул бейтааныш жигитке олдоксон бурулду* (Айтматов).

**ЖАНЫ ТӨБӨСҮНӨ ЧЫГУУ** Абдан коркуу, коркуп кетүү. *Эмне алаамат болуп кеткенине түшүнө албай, анын жаны төбөсүнө чыкты* («Ала-Тоо»).

**ЖАНЫ ТӨРТ ЧАРЧЫ БОЛУУ** Бир нерсени аткарууга жетише албай катуу кыйналуу, жаны тынбай, тыным албай чарк айлануу. *Еванын жаны төрт чарчы болуп бирде тиги кызды сооротсо, бирде тиги бир жарым жашар балага чуркайт* (Ашымбаев). *Тыным дегенди унутуп, жан төрт чарчы болуп турган убак* (Кыдырмышев). *Суй жыгылып чарчап, жаның төрт чарчы болгуча издесең да буларды дүкөндөрдөн таппайсың* («Чалкан»). *Башка айла таба албай жаны төрт чарчы* (Жантөшев).

**ЖАНЫ ТҮТӨӨ** *к.* **жаны карaруу.**

**ЖАНЫ ЧЫГУУ** 1. Өлүү, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу. *Жаны чыгып бараткан кишинин көрүнүшү көз алдыма келип, үнү кулагыма угулду* (Өмүрбаев). *Кечке эс-учун билбей жатып, күн бата жаны чыкты* («Ала-Тоо»). *Кебетеси жаны чыгарына аз эле калса керек* (Баялинов). 2. Катуу коркуу, бир нерседен кооптонуп үрөйү учуу. *Өх, жаным чыгып кетпедиби баса калат экен деп, – деди Бүкөн ит жакты карап* (Абылкасымова). *Тезек мына ушинтип бир ооз сөз боло электе чочуп, кыпылдап жаны чыгып турду* (Кыдырмышев). *Жинди турбайсыңбы, кызылдай, жаным чыкты, агып өлөт экен деп* (Абылкасымова). *Убак өткөн сайын Акунжандын жаны чыгып, жолукпай калуу коркунучунда* (Байтемиров).

**ЖАНЫБАР** 1. Ар кандай айбандар, тирүү жандыктар, жалпы эле айбанаттар дүйнөсүнүн өкүлү. *Кийик деген жаныбар, Өзүнчө жүргөн жан экен* (Тоголок Молдо), *Чөэнде жаткан жаныбар, Баш көтөрүп кыбырайт* (Осмонкул). 2. Малга, жер-сууга (көбүнчө малга карата, кээде жерге-сууга, адамдарга карата) таң калуу, жогору баалоо, урматтоо маанисинде айтуудан колдонулат. *Жаныбар жээрде айгыр эликтей суналып, бат эле көрүнбөй калды* (Айтматов). *Ай жаныбар Мааникер, Сыны малдан бир башка* («Манас»). *Жаныбарым чоң Талас, Атадан калган жер экен* («Сейтек»).

**ЖАНЫМ КУРМАН!** Өтө ыраазы экендигин билдирип жалынып-жалбаруу, мээримдүү мамиле жасоо маанисинде колдонулат. – *Оозуңан секет болоюн, ушул кепти жеткирген оозуңан! Жаным курман!* (Медетов).

**ЖАНЫМА** 1. *сейр.* Бычак, устара ж.б. жанып курчута турган кайрак, бүлөө. *Жанымага жанып алды.* 2. *мат.* Жанып өтүүчү. *Жаныма сызык.*

**ЖАНЫМДЫ КУРМАН ЧАБАЙЫН** 1. Курмандыкка да макулмун, бардыгына даярмын деген мааниде колдонулат. 2. Жалынып-жалбаруу иретинде айтылат.

**ЖАНЫМДЫ ЧАБАЙЫН** Жакшы көрүү, жалынып-жалбаруу маанисинде колдонулат. *Жанымды чабайын! Оозуңдан, колуңдан..., – Абышка өөп жыттагылап небересин бетибашынан чоло жер калтыр- бады* (Бейшеналиев).

**ЖАНЫН АЛА КАЧУУ** Башкаларга карабай, өзүн, өз керт башын куткаруунун аркетин кылуу. *Кыйынчылык башка түшкөндө жанын ала качып, ...душманга сатылганын карабайсыңбы?* (Ашымбаев). *Сен ушундай белең, өз жаныңды ала качканың кандай? – дегенсип Езеп аны тиктеп турду* (Ашымбаев).

**ЖАНЫН ЖАЙ АЛДЫРБОО** Тыным алдырбоо, тынчтык бербей, эс алдырбай иштете берүү, тынчын алуу (өзүнө же башка бирөөгө карата). – *Сабырбек, – деди Карасакал орсок тиштерин көрсөтө, жасалма жылмайып, – эмне үчүн мынчалык жан үрөп, жаныңды жай алдырбай күйүгөсүң?* (Абдыраманов). *Өгөй кайнене эртеден кечке Батийнанын жанын жай алдырбайт* (Сыдыкбеков). **В.: Жанын сеп алдырбоо.** – *Ыбыке, курган жанды көп эле курута бербе, сеп алдыралычы* (Бейшеналиев). *Жанын сеп алдырбай кечке иштеди* («Ала-Тоо»).

**ЖАНЫН ЖАНГА УРУУ** Жанталашып, болгон күчүн зарптап. *Менин жанды жанга уруп, ак ниет иштеп жүргөнүм бир тыйынча көрүнбөй калбадыбы* (Айтматов).

**ЖАНЫН ЖЕЙТ** 1. Катуу кыйналат, кыйноо тартат, жаны жай албайт. *Демин кыскан кургак жөтөл күндөн-күнгө жанын жеп, уйкусун алып, алын кетирет* (Бердикеев). *Жанын жеген санаа, жолуккан тагдырлар, оорyп калууга чейин барган өз ахывалы эми алыстады* (Осмоналиев). 2. Калп айтат, каратып туруп танып жатат, айдан ачык күнөөсүн мойнуна албай жатат деген мааниде колдонулат. *Калп, калп! Жанын жейт атаке, Билинбей жүрүп кетеринде үйүнө ала кетиптир* (Тойбаев). *Кайран бала жанын жеп атыры, бирок, мейли, айта берсин, бекер отургуча кызык калп экен* (Айтматов).

**ЖАНЫН КАРЫШТОО** Тобокелге салуу, чымыркануу, белсенүү. *Кара жанын жаш Манас, Карыштап кетип баратыр* («Манас»). *«Мен жанымды карыштадым, кебим, кадырым өтпөй калса менин күнөөмбү, эл өзү теңдесин», – деп көшөрдү* (Касымбеков).

**ЖАНЫН КОЁРГО ЖЕР ТАППОО** 1. Оорудан катуу кыйналуу, аябай жаны кейип алдастоо, жаны алек-чалек болуу. *Денеси ысыпкүйүп чабалактап жанын коёрго жер таппайт* (Бердикеев). *Виктор жанын коёрго жер таппай, төшөгүнөн ала салып онтологон сайын, самандай өңү саргайган Мусурайым төшөгүн кымтып карбаластайт* (Саатов). 2. Бир нерседен тынчсыздануу,

жүрөк заада болуу, чебелектөө, айласы кетүү, же катуу коркуп алдастай түшүү, аргасы түгөнүү. *Кошой таңды таң атканча жанын коёрго жер таппай, караңгы аш үйдө тыбырчылап келинди саргара күттү* (Акаев). *Ал жанын коёрго жер таппай, жүрөктү селт эттирген коркунучтан чоочуп, сыртта олтурду* («Ала-Тоо»). **В.: Жанын коёр жер таппай.** *Оюу онго, санаасы санга бөлүнүп, ичи бышып кетет да, жанын коер жер таппай кыйналат* (Айтматов). **Жанын катар жер таппоо.** *Алардын кой-айларын укпай, сезбей койгондо, «Чалкан» журналынан киши барды эле, алдастап жанын катар жай таппай калды* (Эралиев). *Алты бөлмөлүү үйдөн жанымды катарга жай таппай кыйналдым* (Бердикеев).

**ЖАНЫН КОЙБОО** 1. Тынчтык бербөө, тынчын кетирүү, мазесин алуу. *Кат сеники, сага келиптир, жанымды коёр эмес* (Абдукаимов). *Ошентип, Эшбаевди жакалап, жанын койбой күнүгө он киши союл көтөрүп келишет* («Чалкан»). 2. Ой-боюна койбой асыла берүү (макулдугун алуу, суранып-тиленүү, же бир нерсеге азгыруу максатында). – *Айтып кой, элдин бардыгы күтүп калды, – дешип жанымдагы кыз-келиндер, айрыкча Кундуз деген кемпир баш болуп, жанымды коюшпады* (Жантөшев). *Ошол ревизор жанды койбой сурай берчү, сурай берчү, анын арам оюн мен кайдан билейин* (Айтматов).

**ЖАНЫН КӨЗҮНӨ КӨРГӨЗҮҮ** Абдан катуу кыйноо, тыным алдырбоо, катуу коркутуу, бирди көрсөтүү. *Өнөр аземин таанычыча жанын көздөрүнө көргөз* (Бейшеналиев). *Байымбет аттын жанын көзүнө көргөзө, алка-шалка демиккенине карабай шакылдата жүрдү* (Бейшеналиев). **В.: Жанын көзүнө көрсөтүү.** *Аларды жакшы эле жандарын көзүнө көрсөтө машыктырды* (Абакиров). **Жанын мөөндөн чыгаруу.** *Ким экениңди билбей жүрөсүңбү? Азыр жаныңды мөөнүңдөн чыгарайынбы?* (Каимов).

**ЖАНЫН КЫЮУ** Жанынан кечүү, аябоо, өлүмгө баруу, өлүү, өлтүрүү. *Көпчүлүк үчүн жан кыйган, Көргүлө мындай баатырды* (Осмонкул). *Сайышка самап ким чыкса, Жалмап жанын кыям деп* («Манас»).

**ЖАНЫН ООЗУНА ТИШТӨӨ** Өлүмгө башын байлап иштөө, өлүм коркунучу алдында болуу. *Чынында мен жанымды оозума тиштеп иштедим* («Ала-Тоо»). *Тур нары! – деп ал заардуу киркиреп, анан капты өйдө силкип, жанын оозуна тиштеп, акыркы күч менен андан-мындан аттап алдыга жуткунду* (Айтматов).

**ЖАНЫН САБОО** 1. Кандайдыр бир максат үчүн тырышып, тыным албай жан талаша иштөө, катуу киришүү, кара жанын карч уруу. *Алдыга койгон максатыңдын туу чокусуна жетмейинче жаныңды сабап иштегин* (Бердикеев). *Канчалык жанымды сабасам да, бир чоң илимий эмгегимди чүргөп бүтүргөнгө чактым жеткен жок* («Кыргызстан маданияты») *Ачарчылыкта балдарды багуу үчүн жанын сабап гана иштеш керек* (Абдукаримов). *Эмне үчүн жанын сабап мага каршыгат!* (Жантөшев). 2. Бир нерсени далилдөө, же эч нерсени мойнуна албоо максатында жанталаша катуу аракеттенүү, аябай киришүү. *Кудай-теңир урсун, ошондогу мен көргөн кичинекей кагаз дал ушул болчу, – деп Ашырбек жанын сабайт* (Акаев). *Пудовкин мен эмесмин, – деп жанын сабап актанганына мен абдан өкүнөм* (Бектенов). – *Адам жакшысы деле үч түргө бөлүнөт, – деди Сырбай, Осмонду утуп чыгууга жанын сабап* (Осмоналиев). **В.: Жанын үрөө.** *Мындай турмушка жетсем деп ак эткенден так этип, жанын үрөп жүргөндөр канча* («Советтик Кыргызстан») *Тоголок Молдо балдардын сабатын ылдам ачууга жанын үрөп камынган далалатынын үзүрүнө толук чыкпай, ара жолдон өксүдү* (Бейшеналиев).

**ЖАНЫН СУУРУП АЛУУ** 1. Аябай коркутуу, айласын кетирүү, жан талаштыруу. *Кечигип баратса жандарын сууруп албай жаның жокпу* (Тойбаев). *Акчаңарды төлөгүлө! – деп монтерлорубуз жаныбызды суурup алат* («Чалкан»). 2. Кайра-кайра асыла берүү, катуу шаштыруу, ой-боюна койбой жабышып алуу. *Өзүм гана деп турат: мен, мага, мен үчүн деп жаныңды суурup алат* (Айтматов). *Арзыкул улам-улам шаштырып, Акунжандын жанын суурup ала жаздады* (Байтемиров). *Тихонов өз кол алдындагылардын жанын суурup ала жаздайт* (Жантөшев). **В.: Жанын чыгаруу.** *Кокус анын айтканындай болбой калса, бүттү дей бер. Жаныңды чыгарат* («Ала-Тоо»).

**ЖАНЫН ТАШТАП ЖИБЕРҮҮ** *же* **жанын үрөө** Бардык күчүн, мүмкүнчүлүгүн жумшоо, катуу аракет кылуу, аянбай киришүү, абдан берилип иштөө. *Булардын баарысын алып келүүгө профессор жанын таштап жиберип өзү киришти* («Ала-Тоо»). *Татыбек жанын таштап иштеп жүрдү* (Байтемиров). *Жанын үрөп эл үчүн, Жарадар болгон душмандан* (Тоголок Молдо). *Жанымды үрөп жүрүп, күнүнө эки бөз токуп бүтүрөм* (Жантөшев). *Мурунку согуштарда камоодо калганда Качике жанын таштап согушуп, ротаны камоодон алып чыккан* (Абдукаимов). *Ушундан кийин жаңжал десе жанын таштап жиберчү демейки тубаса эрдигине салды* (Укаев). *Агерим, кокус болсо таенем жанын таштап, сууга бой урарын кудай билет* (Айтматов).

**ЖАНЫН ҮРӨӨ** Бардык күчүн, мүмкүнчүлүгүн жумшоо. сарп кылуу, өлөр-тирилерине карабай катуу аракеттенүү. *Жанымды үрөп жүрүп, күнүнө эки бөз токуп бүтүрөм* (Жантөшев).

**ЖАНЫНА БАТУУ** Бир нерсенин запкы-

сын тартып абдан кыйналуу, жан кейиткен катуу таасир берүү. *Кумаркандын уу сөздөрү жанына батса да сабырдуулук кылып унчуккан эмес* (Байтемиров).

**ЖАНЫНА КҮЧ КЕЛҮҮ** Катуу азап тартуу, кыйынчылыкка туш болуп, аргасыз абалда калуу. *Жаныңа күч келгенде алтының агып кетип жатса да карабайт окшойсуң* (Бердикеев). *Бирок, жаныма күч келгенде мен да аянбайм, кээде анын талуу жерине тийип, анча-мынча аптыктырып коём* (Жигитов).

**ЖАНЫНА ТАШ БАТУУ** *к.* **жанга батуу.**

**ЖАНЫНАН ТОЮУ** *к.* **жандан тоюу.**

**ЖАНЫНАН ТҮҢҮЛҮҮ** *к.* **жандан түңүлүү.**

**ЖАНЫНДА** Караганда, салыштырганда. *Сагын олбурлуу жигит, Ишен анын жанында тим эле баладай көрүнүп калат* («Ала-Тоо»).

**ЖАНЫНДАЙ КӨРҮҮ** Абдан жакшы көрүү, өтө ысык көрүү. *Деги ушул уулуңузду жаныңыздай көрөсүз ээ, энеке* (Бердикеев). *Анткени, мен дыйканчылыкты жанымдай көргөн адаммын* (Эралиев).

**ЖАНЫНЫН БАРДЫГЫНЧА** Алынын келишинче, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, чаркы жетишинче. *Ал жанынын бардыгынча кыйкырды* («Ала-Тоо»). *Ал бирди экиге кошуп, Викторду жанынын бардыгынча жамандап жатты* (Жигитов).

**ЖАНЫҢДЫ ЖЕБЕ** Калп айтпа, кара өзгөйлүк кылба, жан талашпа деген мааниде колдонулат. *Сени бирөө аңдып туруптурбу? Жаныңды жебе, жашабагыр, өзүң эле жоготтуң* (Жигитов).

**ЖАНЫП-ӨЧҮП** Бир жанып, бир өчүп, өчүп жануу.

**ЖАНЫТ жаны** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАНЫТМА** 1. *эск.* Фельетон. *Калаберсе кыска сатиралык жанытмаларды да жазган* («Советтик Кыргызстан»). 2. Кыйытып, жандатып айтылган сөз. *Эми айта кете турган анча-мынча жанытма сөзүбүз калды. Омор Омор болгону жанытма сөздү жактырып көргөн жан эмес* (Сыдыкбеков).

**ЖАҢ I** Уруш, согуш, жаңжал. *Кылым бою мындай жаң, Жер жүзүндө болбоду* (Барпы).

**ЖАҢ II** Кол жаңсап шилтеген аракет, кандайдыр бир белги берген ишарат. *Жаң менен белги берди.*

**ЖАҢ-ЖУҢ** Чатакташып, чырдашканда, урушуп калганда бири-бирине карата катуу айкырышып, ажылдашып калган үндү билдирүүдө колдонулат. *Аз өтпөй чөп кепеден берки четтен, Шак этти ыркcыз дабыш жаң-жуң эткен* (Абдыраманов).

**ЖАҢАК** *диал.* Жангак. *Ак чечек, жаңак, ак кайың, четин, Алмалар желге ыргалат секин* (Абдыраманов).

**ЖАҢГАК** 1. Жалбырактары чоң-чоң болуп бийик өсө турган жемиш берүүчү дарак, жыгач өсүмдүгү. *Жаңгак турат мен көргөн Баягыдай көк тиреп* (Үмөталиев). *Тоонун төбөсү да, бөксөсү да калың токой: курма, жаңгак, кипарис дарактары бар* (Баялинов). 2. Сырты катуу кабык менен капталган, ичинде жей турган даны бар ушул дарактын мөмөсү. *Өзүң жеген: өрүк, жаңгак, мейиздей* (Осмонов). *Жаңгак бышып, кабыктары жарылып, Арaң-араң, кармап турат сабагы* (Борбугулов).

**ЖАҢГЕЛ** *диал.* Калың токой, калың караган чер, бадалдуу чер.

**ЖАҢГЫЗ** *туурасы:* **жалгыз.**

**ЖАҢДА** Бирөөлөргө кандайдыр бир ойду билдирүү, белги берүү максатында сөз айтпастан колун шилтөө, кол жаңсоо. *Степан колун жаңдап, бирде кароолчуну, бирде тигил келатканды чебеленип карайт* (Бектенов). *Каныбектин жаңдап чакыруусу боюнча Алым жүгүрүп келди* (Жантөшев). *Алды менен сиз алыңыз деп, Маржан Алексеевге колу менен жаңдады* (Жантөшев).

**ЖАҢДАТ жаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАҢДАШ жаңда** этишинин кош мамилеси.

**ЖАҢДОО жаңда** этишинин кыймыл атоочу. *Камалбектин жаңдоосу боюнча тиги жакта турган Адигине да жөнөп калды* (Жантөшев).

**ЖАҢДООЧ жаңдоочу** менен бирдей. *Жаңдоочтун буйругун тезинен аткарууга Журтбек алдастап шашат* (Бейшеналиев).

**ЖАҢДООЧУ** Мергенчиликте, аңчылыкта жаңдап, ишарат кылып белги берүүчү, үн катпастан колун жаңсоо аркылуу белги берүүчү. *Жаңдоочу кийик аттырат* (макал).

**ЖАҢЖАЛ** Чыр-чатак, уруш-талаш. *Жылдызкан жаңжалды сүйбөйт* (Байтемиров). – *Э-э, ал таяке бир жаңжал салар бекен Тилепке* (Сыдыкбеков). *Картайса да карыя, Катуу жаңжал салыптыр* («Сейтек»).

**ЖАҢЖАЛДАШ** Чырлашуу, чатакташуу, урушуу. *Балбандардын баарысы Сарыбайдын түбүнө, Жаңжалдашып жетүүгө* («Сейтек»).

**ЖАҢЖАЛДАШУУ жаңжалдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАҢЖАЛДУУ** Чыр-чатактуу, уруш-талашы бар, чырлуу. *Жаңжалдуу үй курусун кейпи суук* (Үмөталиев).

**ЖАҢЖАЛСЫЗ** Чыр-чатаксыз, уруш-талашы жок. *Атакемдин ашында, Жаңжалсыз конок аттансын* («Эр Табылды»).

**ЖАҢЖАЛЧЫЛ** Урушчаак, чыр-чатак чыгаруучу, чыр-чатакты жакшы көргөн.

**ЖАҢКЫ жанакы** менен бирдей. *Асандын канкор деген жаңкы сөзү Касымдын канын козгоп титиретти* (Токобаев).

**ЖАҢСА** 1. Кандайдыр бир нерсени көрсөткөндөй, чакыргандай колун шилтөө, колду шилтеп жаңдап белги берүү, жаңдоо.

*Кулжандын сүйлөгөнүнөн жаңсаганы көп болду* (Байтемиров). *Артем көзүн ымдап, колун жаңсап солдатты жанына чакырып алды* (Жантөшев). *Ал буйрук айткансып учкуч жакка колун жаңсап коёт* (Сыдыкбеков). ‖ Жазгап шилтөө, жазгап тап берүү. *Ыракты вагонеткага илип коюп, чыбык менен атты жаңсап айдар элем* (Сасыкбаев). *Дайым жаңсап телинбесе үн салып, Каалгый басып, оттоп калат сыйпалап* (Токомбаев). *Динар Ок жетпеске муштумун жаңсады* (Сыдыкбеков). 2. Таамай, тике айтпастан жандатып айтуу, кыйытуу. *Асан карыя Шатендин жаңсаган суроосун дароо сезди* (Токомбаев). *Жаңсап айтсам болбойсуң, Жан-жанымдан торгойсуң* (Токомбаев). 3. Кандайдыр бир нерсеге карай багытталган абалда болуу, кандайдыр бир нерсеге жандаган абалда болуу, тиер-тийбес абалда болуу. *Койлор коркуп бышкырышат, Үйгө жаңсай дыр берип* (Токомбаев). *Үйдүн төр жак төбөсүндө, жыгачка жаңсай салган чабалекейдин уясы турат* (Элебаев). *Канаттары көлдү жаңсап көңүлдүү, Көл куштары үн салышты шаңкылдап* (Токомбаев).

**ЖАҢСАК** Жаздым, чала, дал өзүнө эмес. *Жаңсак уктум. Союл жаңсак тийди.*

**ЖАҢСОО жаңса** этишинин кыймыл атоочу. *Биринен бири тактап сурагансышып, түрмө тарапты жаңсоо менен кулактарын түрүп сүйлөшүшөт* (Жантөшев).

**ЖАҢСЫЛ: бир жаңсыл** Бир жагдай болуп чечилген абал, аягына чыккан, бүткөн абал. *Бул кабарлар бир жаңсыл болгуча, Алым бир жакка бара турса кандай болор эле?* (Жантөшев). *Мейли, апа, эптеп бир жаңсыл кылармын* (Касымбеков).

**ЖАҢША** Куюлуштура какшай сүйлөө, жаагын жанып сүйлөө же ырдоо. *Жок жерден сөздөр табылат, Жаңшаган кыйын чеченге* (Токтогул). *Жаныма отур, бөбөгүм, Жаңшачы, жөнүң көрөйүн* (Токтогул). *Жаагын жаңшап ырдаган, Жалпы кыргыз тыңдаган* (Осмонкул).

**ЖАҢШАТ жаңша** этишинин аркылуу мамилеси. *Жакшы жубан экенсиң, Жаңшатып коёр бекенсиң* (Барпы).

**ЖАҢШОО жаңша** этишинин кыймыл атоочу. *Жаңшоодон тилим талбайсың, Жамалың шекер балдайсың* (Токтогул).

**ЖАҢЫ** 1. Жаңыдан гана жасалган, эски эмес же али эскире элек. *Касейиндин үстүнө кийгени жаңы шым, жаңы гимнастёрка* (Сыдыкбеков). *Станциянын жаңы үйлөрү тоодон ашып тийген күндүн нуруна бөлөндү* (Сасыкбаев). 2. Мурда болбогон, жаңыдан чыга баштаган, мурда колдонулбаган, биринчи пайда болгон. *Жаңы техника менен механизм шахтёрлордун таалайы* (Сасыкбаев). 3. Мурда болгон нерсенин ордуна келген, кайта башынан башталган. *Жаңы жыл. Жаңы ай. Айдын беш жаңысы.* 4. Азыр эле, мындан бир аз убакыт мурда, жанараак эле. *Жаңы гана келди. Ишин жаңы эле бүтүрүү.*

**ЖАҢЫ АСЫЙ** *же* **БИР АСЫЙ** Беш жаштагы, беш жашка караган. Эки асый – алты жаштагы, алты жашка караган. Үч асый – жети жаштагы, жети жашка караган (бодо малдын беш жаштан кийинки жашы дагы ушул сыяктуу жолдор менен көрсөтүлө берет).

**ЖАҢЫ КӨЗ** Элге тааныш эмес, мурдатан аралашып жүрбөгөн, кийин келген, же балага карата жаңы төрөлгөн деген мааниде колдонулат. *Аларды туурап жаңы көз булар да тез бооруна тарткан билерман аялды апай, энелешти* (Бейшеналиев). *Календер жаңы көздүн бетин ачып, жылмайып, көңүл менен тиктеп: – Бакбүбү! Э, Бакбүбү! Бакбүбү! ... деп үч жолу чакырып койду* (Касымбеков). *Жакшы, жакшы, дагы бир жаңы көз келген тура, – деп чоң эне ымыркайдын мурдунан чымчып өөп койду* («Ала-Тоо»).

**ЖАҢЫ ТИРДИК** Жаңыдан турмуш курган, жаңы эле өз алдынча оокат кыла баштаган, абдан куралып, тирденип кете элек. *Ар жактан жанагы жаңы тирдик жигит жаныма басып келди да ойлонуп туруп калды* (Мырзаев). *Силер жаңы тирдик болуп жатканда, ата-энеңер жардам берсин, – деди Гүлсара* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАҢЫДАН** 1. Эми гана, жаңы гана баштап, жаңы гана киришүү менен, бир аз убакыт мурда. *Жаңыдан ырчы болупсуң* (Токтогул). *Кадимки эл жайлаган тайпаң жерден Жаңыдан биздин айыл көчүп келген* (Бөкөнбаев). 2. Кайрадан, кайра баштан. *Бир сыйра ойноп бүтүшүп, жаңыдан кайта киришти.*

**ЖАҢЫЛ** Адашуу, ката кетирүү, жаңылыштык жиберүү. *– Чебердегиле! Мен баскан жерден жаңылбай баскыла!* (Жантөшев). *Жаңылбайм, үч чакырымдан алыс элес* (Осмонов). *Эсепчи карс ачылган эшик жакка жалт караймын деп, счётту жаңылып уруп алды* (Сыдыкбеков). *Бул жөнүндө мен жаңылганымды кийин билдим* (Элебаев).

**ЖАҢЫЛА** 1. Жаңыртуу, которуу, мурунку эскисин жаңы менен алмаштыруу, жаңырган түр берүү. *Кабыл тамактан кийин аттардын чөбүн жаңылап койду* (Элебаев). *Атым баспай калганда, Кечиктирбей жаңылап, Бат которуп бергиле* («Курманбек»). 2. Улам жаңысы пайда болуп көбөйүү, жаңыдан чыга баштоо. *Жарасы бар адам барса жаңылап, Ал жаранын атын табат дарылап* (Калык). *Баланын оозунун тегерегиндеги учуктар жаңылап калыптыр* («Ала-Тоо»).

**ЖАҢЫЛАН жаңыла** этишинин туюк мамилеси. *Көйкөлгөн көлдүн жээги жаңыланды, Балбылдап электрик шамы жанды* (Маликов).

**ЖАҢЫЛАТ жаңыла** этишинин аркылуу

мамилеси. *Сарайларын жаңылатып, Жарык клуб орноткон* (Нуркамал).

**ЖАҢЫЛДЫР жаңылт** менен бирдей. *Асанды жолдоштору жаңылдырып жиберди.*

**ЖАҢЫЛМАЧ** Айтууга кыйын болгон уйкаш муундардын, сөздөрдүн туташ келиши негизинде түзүлүп, ылдам айтканда жаңылып, сөздү так айта албай кала турган сөз тизмектери. *Жаштар а дегенде жаңылмач айтышып, жаңылгандары ырдашты* (Абдукаримов). *Толгон-толгон жаңылмачты, табышмакты, ал тургай куудул сөздөрдү билет* (Сыдыкбеков).

**ЖАҢЫЛОО жаңыла** этишинин кыймыл атоочу. *Он эмес жүз жолу кат жиберсем да, Кабарды жаңылоону турам самап* (Маликов).

**ЖАҢЫЛТ жаңыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Кыйынга салып, кыраңдап Кеттиңби жолду жаңылтып* (Элебаев).

**ЖАҢЫЛТМАЧ** *туурасы:* **жаңылмач.**

**ЖАҢЫЛЫК** 1. Жаңы кабар, жаңыдан белгилүү болуп жаткан ар кандай окуу, иш, көрүнүш ж.б. – *Кош, Жума, кандай жаңылыктарың бар* (Жантөшев). *Кыргызда сонун жаңылык Академия ачылып* (Осмонкул). *Жаңылык жеңип кармашта, Эскилик үйдөн сүрүлдү* (Үмөталиев). 2. Жаңы түшүмдөн, жаңы жетилген ар кандай жемиштерден биринчи татып, жеп көрүп жаткан даам. *Жаңылыктан ооз тиеличи, бергилечи, өрүгүңөрдөн* («Ала-Тоо»).

**ЖАҢЫЛЫШ I** 1. Туура эмес, ката, натуура. *Айланайын балам, кроватты жаңылыш көрсөткөн го. Кокус демдерин катуу чыгарышса сөздү жаңылыш угуп калышчудай болушат* (Жантөшев). 2. Кетирген кемчилик, каталык, жаңылыштык. *Сапек өзүнүн жаңылышын эми сезди* (Токомбаев). *Жаңылышын мойнуна алган жаңылбайт* (макал). – *Сиз, жаңылышып жатасыз, жолдош парторг* (Убукеев). – *Көрбөгөнүңө көп жыл болсо, жаңылышып таанибай калба?* (Жантөшев).

**ЖАҢЫЛЫШТЫК** Туура эместик, каталык, жаңылып калгандык, ката кетиргендик. *Айткан сөзүмдө жаңылыштык кетирип коёмбу деп сактанган чоң эне этият сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Менден өткөн жаңылыштыктарды кечирип коюңуз* (Каимов).

**ЖАҢЫЛЫШТЫР жаңылыш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАҢЫЛЫШУУ жаңылыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАҢЫР I** Үн, добуш кандайдыр бир тоскоолдукка тийип чагылып, кайра кайтуу, жаңырык чыгуу. *Ашырдын үнүнөн тоо жаңырды* (Сасыкбаев). *Тарс эткен мылтык үнүнө капчыгай ичи жаңырып, жаңырыктар аскадан-аскага кетти* (Жантөшев). // Үн, дабыш даана, ачык чыгуу, катуу үн чыгуу. *Балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып абага көтөрүлдү* (Сыдыкбеков). *Удаа-удаа жаңырган кыйкырык Урумканды селт чочутуп ойготту* (Бейшеналиев).

**ЖАҢЫР II** 1. Жаңы болуп өзгөрүү, жаңы абалга, түргө келүү, жаңы болуу. *Бирөө да жок, өзүң билген чагымдын Баягы мен Бүгүн – бөлөк, жаңырдым* (Турусбеков). *Үч дөбөнүн чөйрөсү бүгүн жаңырып, жашарды* (Сыдыкбеков). *Колхоз айлын, карап көрсөң, Кандай сонун жаңырган* (Нуркамал). 2. Мурункусу бүтүп, кийинкиси кайра жаңыдан башталуу (көбүнчө жыл, айларга карата). *Март айы жаңырды* (Баялинов). *Февраль айы жаңырып, кар калыңдап, суук күчөгөн* («Ден соолук»).

**ЖАҢЫРГАН АЙ** *астр.* Айдын Күн менен Жердин арасында түз сызык боюнча жайгашкан фазасы.

**ЖАҢЫРТ I жаңыр I** этишинин аркылуу мамилеси. *Өткөөлдүн ичин жаңыртып, өрт өчүрүүчү отряд жетип келди* (Сасыкбаев).

**ЖАҢЫРТ II** 1. **жаңыр II** этишинин аркылуу мамилеси. *Салык сары кашканын алдындагы чөптү жаңыртты* (Каимов). 2. Кайра кайталоо. *Кайгыны кайта жаңыртып, Ушубу кылган жардамың?* (Токтогул). *Деп Тарас эң акыркы сөзүн айтты. Бул сөздөр унутканды бир жаңыртты* (Абдыраманов). *Дарыяхан жаңыртып кеп айткан жок* (Жантөшев).

**ЖАҢЫРУУ I жаңыр I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАҢЫРУУ II жаңыр II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАҢЫРЫК** 1. Бир нерсеге тийип чагылып кайткан, кайра кайталап угулган үн же добуш. *Тарс эткен мылтык үнүнө капчыгай ичи жаңырып, жаңырыктар аскадан аскага кетти* (Жантөшев). *Айланасындагы зоолор да жигит менен тамашалашкысы келгендей жапырт кош жаңырык чыгарды* (Каимов). 2. Дуулдап чогуу чыккан, жаңыра чыккан ачык, катуу үн. *Салтанаттуу чогулуш кызуу алкыш, күчтүү жаңырык менен ачылды* (Сасыкбаев).

**ЖАҢЫРЫКТА** Жаңырык пайда болуу, жаңырган үн, добуш чыгуу, жаңырык кайталоо. *Балдардын кыйкыра сүйлөшкөн үнүнө ээн залдын ичи жаңырыктады.*

**ЖАҢЫРЫКТАТ жаңырыкта** этишинин аркылуу мамилеси. *Таалайдын үнү асмантоолорду жаңырыктатты* («Ала-Тоо»).

**ЖАҢЫРЫКТОО жаңырыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАҢЫРЫКТУУ** 1. Жаңырып, кайталанып угулган, жаңырыктаган. *Тоо ичиндеги жаңырыктуу дабыш.* 2. Дуу-дуу этип кызуу чыккан, күүлдөп ачык, катуу угулган. *Станциянын үстү дале жаңырыктуу* (Сасыкбаев).

**ЖАҢЫЧА** Мурункуга караганда башкача, өзгөчө, жаңы форма же түр менен. *Жаркыраган жол көрүп, Жаңыча курдук айылды* (Осмонкул). *Жүзү ачык жаңыча өскөн жаш*

*уландар* (Осмонкул).

**ЖАҢЫЧЫЛ** *эск.* Жаңыны жактоочу, новатор. *Биз жаңычыл, Биздин калам Большевиктен тапталган* (Бөкөнбаев).

**ЖАП I: жаагы жап болуу к. Жаак.**

**ЖАП II** 1. Каалганы, дарбазаны жана жалпы эле ачылып жабыла турган нерселерди жабык абалга келтирүү, ачык абалда калтырбай бекитүү. *Канчалык этият кылса да, каалганы жапканда карс эте түштү* (Байтемиров). *Айсулуу кайра келди, үйүн ачты, Кирген соң үй эшигин кайра жапты* (Үмөталиев). 2. Кандайдыр бир нерселердин үстүнө каптай салуу, чүмкөө, каптоо. *Камыш жапкан жаңы салган үйлөр бар* (Токомбаев). *Жабуу жапса жарашып, жаркыраган торпогум* (Тоголок Молдо). *Бак башын бубак жапкан самсааланып* (Бөкөнбаев). Сый көрсөтүү, урматтоо иретинде чапан, кийим кийгизүү. *Жолдошуң сайын бир-бирден, Күрөөкө соот жабайын!* («Манас»). 3. Сүйкөө, сүртүү, шыбоо. *Бутун жууп тазалап, Кайра дары жапты эми* («Эр Табылды»). ‖ Бир нерсенин бетине жабыштыруу, чаптоо (көбүнчө нан бышыруу, казанга, дандырга жабыштыруу). *Ашык толду план деп, Апаппак нан жабалык* (Нуркамал). 4. Жая берүү, каптай берүү, жайпоо, жайпай төгүлүү, каптай төгүлүү (көбүнчө суюктуктун куюлушу же төгүлүшүнө карата). *Орто жерге келгенде суу аттын жалын жаба берди* («Жаш ленинчи»). *Кыз аз жерден сорпону өзүнө жаба төгүп ала жаздады* («Жаш ленинчи»). 5. Кандайдыр бир башталган ишти аяктатуу, токтотуу. *Директор акыркы сөзүн сүйлөп бүтүп, жыйналышты жапты.* ‖ *Бакалчылар майда-чайда буюмдарын жыйнап, дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев). 6. Жашыруу, билгизбөөгө аракет кылуу, ачыкка чыгарбоо. *Бирдин жамандыгын миңдин жакшылыгы жабат* («Жаш ленинчи»). *Акыйкаттап көрсөттү, Айбын жаппай жашырып* («Жазгыч акындар»). 7. Ордун толтуруу, кемчил же жетишпеген жагын толуктоо, ордун бастыруу. *Чыгымдалган каражаттарын түшкөн пайданын эсебинен жапты.*

**ЖАП III** Сын атоочтордун, тактоочтордун жапжакшы, жапжашыл, жапжаңы, жапжакын, жапжалгыз сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ЖАПА I** Жанга баткан, кыйноо тарттырган, кордук, түйшүк, жабыркаткан кайгы, башка түшкөн оор абал, азап. *Адал жерден мен тарттым. Адам көрбөс жапаны* (Токтогул). *Сандалып жайы-кышы малчы жүргөн Таркады Байманаптан көргөн жапаң* (Тоголок Молдо). *Албан түрдүү жапаалар, Аталгандай жанашты.*

**ЖАПА II: жапа тырмак** *туурасы:* **жапатырмак.** Бүт баары, бардыгы, бири калбай жапырт, жалпы. *Буга жаштар эмес, жашы улгайып калгандар да жапа тырмак туруп, макул болушат* («Ленинчил жаш»). *Бышкан арпа, буудай, таруруларын орууга эркек, аял дебей жапа тырмак киришкен* (Бейшеналиев). *Алар чатырды бир жарым айда жаап бүтөбүз дешип жапа тырмак шерт байлашкан.* (Ашымбаев).

**ЖАПАА** Кыйналуу, жапа чегүү, ыза болуу. *Жапаа көрсөт.* 2. Жүзү каралык, жаман ойлуулук, арамзалык.

**ЖАПАА-ЖАБЫР** Азап-кордук. *Таңшыган булбул мен элем, Тарттым жапаа-жабырды* (Токтогул). *Алар жапаа тарткандай көздөрүнүн теңин ак челдетип, жалгыз аяктап, кишини муңдуу карашат* (Айтматов).

**ЖАПААКЕР** *диал.* Эзүүчү, кыйноочу, залим.

**ЖАПААКЕЧ** *туурасы:* **жапакеч.** *Ошо Сарыбаш, анын жапаакечтиги, жөн билгилиги, мээрими болбосо, ким билет, Жолборс жашабай жатып көргөн кордуктарына түтө албайт беле?* (Жигитов).

**ЖАПАДАН-ЖАЛГЫЗ** Бирөө гана, жалгыз гана, башка эч ким же эч нерсе жок жалгыз. *Зарыл жападан-жалгыз туруп калат* (Сыдыкбеков).

**ЖАПАДАР** *диал.* Жапалуу. *Жападар болуп жүрөт.*

**ЖАПАЙЫ** 1. Колго үйрөтүлбөгөн, колдо багылбаган (айбандар, канаттууларга карата). *Калың камыш жактан жапайы өрдөктөрдүн, кирилдеген үнү угулат* (Абдукаримов). *Чыйыр түшө электе жапайы коёндордун издери бат табылат* (Каимов). 2. Кол менен эгилбеген, адам тарабынан айдалып өстүрүлбөгөн, маданиятташтырылбаган, өзүнчө чыккан. *Айым апа, меңиз. Бул жапайы жемиштер, алыңыз* («Ала-Тоо»). *Суу бою жапайы тал* (Баялинов). *Бала жапайы бедени жалмаган күрөң музоонун мойнуна жөлөнүп турат* (Сыдыкбеков). 3. Иштелбеген, адамдын колу тийбеген, ээн жаткан (мисалы, талаа). *Жапайы жаткан жайдак талааны көргөн болор элеңиз* (Убукеев). 4. Маданияттан четте калган, маданияттуу эмес, коомдон окчунураак, ээн жүргөн, толук отурукташпаган. *Бул бир жапайы өскөн тал* («Ала-Тоо»). *Мурун эмгекчилер эчен жылдар жапайы турмушта кармалышты (*Калык).

**ЖАПАЙЫ МОНЧОК** *диал.* Чечек.

**ЖАПАЙЫЛАН** Жапайы болуп кетүү. *Жапайыланып кеткен ит.* 2. Коомго жолобой алыстап чоочун болуу, өзүнчө болуп кетүү. *Жапайыланып жашоо.*

**ЖАПАЙЫЛАНУУ жапайылан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПАЙЫЛЫК** 1. Жапайы жаныбарларга таандык касиеттер, өзгөчөлүктөр. 2. Маданияттан четте калгандык, маданияты жоктук, оройлук, олдоксондук. *Сенин бүгүнкү кылыгың жапайылык. Жаш кыздарды сатуу, албетте, жапайылыкка жатат.*

**ЖАПАЙЫЧЫЛЫК жапайылык** менен бирдей.

**ЖАПАКЕЧ** 1. Боорукер, элпек, күйүкчөөл, илбериңки. *Мындай балдар кишинин ичи-коюнуна киргич, жапакеч болбойбу* (Айтматов). *Жолой Жолдошевич кишилерге ого бетер жапакеч, жайдары көрүнгүсү келди* (Каимов). 2. Эмгекти сүйгөн, эмгекчил, түйшүкчүл, мээнеткеч. *Урунган ишинин майын чыгара иштеген жапакеч карыя.*

**ЖАПАКЕЧТЕН** 1. Элпек болуу, илбериңки көрүнүү. *Турдубай жапакечтенип сүйлөдү* (Бөкөнбаев). 2. Эмгекчил, мээнеткеч болуу.

**ЖАПАКЕЧТЕНҮҮ жапакечтен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПАЛАК I** Күндүз жакшы көрбөгөн, тамак таап жегенге көбүнчө күүгүмдө же түнкүсүн чыгуучу үкү тукумдаш кичирээк келген жырткыч канаттуу. *Айдын болорболбос шооласында боору агара калып так төбөдөн жапалак учат* (Сыдыкбеков). *Күнгөйдүн бадалынан тескей бетке карай жапалак учуп өттү* (Сыдыкбеков).

**ЖАПАЛАК II: жапалак арча** Жерге жабыша жалпайып чачырап өсүүчү арчанын бир түрү. *Чоно зоонун башындагы жапалак арчанын арасына жашырынып жатып, таштын үстүндөгү жалгыз кийикти кароолго алган* (Каимов). *Тууганбайдын мурутту дырдыйып чыйратылып турбастан, жапалак арчадан бетер эриндин үстүнө жабыша өскөн* (Каимов).

**ЖАПАЛАКТА** Эпилдеп-жепилдеп асты-үстүнө түшкөн мамиледе болуу, жапылдап-шапылдап сүйлөгөн көрүнүштө болуу. *Жапалактап каршы алуу. Жапалактап токтолбой бажылдоо.*

**ЖАПАЛДАШ** Бою жапызыраак. *Муслимахундун бою жапалдаш, анчалык эткел эмес* (Жантөшев). *Жапалдаш бойлуу бир жигитти балбанга чыгарышты* (Баялинов).

**ЖАПАН жапайы** менен бирдей. *Жардылык өзү зор кыйын, Жапандын пейлин кылбасаң* («Эл адабияты»). *Кара каз, жайнап учкан жапан өрдөк, Калкылдап, кара суунун бетин баскан* (Маликов). *Жагалмай учуп жетпеген, Жапан чөл бүгүн көктөгөн* (Бөкөнбаев). *Тууган жерим – асыл затым, ардагым, Ыйык мага, тоо-таш, жапан талдарың* (Буларкиева).

**ЖАПАҢ: жапаң-жапаң** Жапалдаш, толугураак келген кишилердин элпек, жеңил кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат. *Жапаң-жапаң этип Ашырдын мүнөзү жайдары* («Ала-Тоо»).

**ЖАПАНДА** Жапалдаш, толугураак келип, жеңил, элпек кыймылда, мамиледе болуу. *Асан жапаңдаган жакшы жигит.*

**ЖАПАНДА** Жат жерде. *Оокатым каткан токоч кайнаган суу, Жапанда күн өткөздүм жапа тартып* («Эл адабияты»).

**ЖАПАНДОО жапаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПАР** Бары колунан келген, барып турган күчтүү (кудайдын сыпаты).

**ЖАПАТЫРМАК** Жалпы, бүт бойдон, бардыгы бирге, жабыла, жапырт. *Эртеңден баштап жапатырмак оруу-жыюуга чыгалык* (Сыдыкбеков). *Отургандар жапатырмак орундарынан турушту* (Абдукаримов).

**ЖАПЖАЛГЫЗ** Бирөө гана, башка эч ким эч нерсе жок жалгыз, өзү гана.

**ЖАПКАК** 1. Көбүнчө калың кардын үстү менен басканда карга батып кетпес үчүн ылайыкталып жасалган бутка байлануучу тегерек келген алкак, жалпак жазы нерсе. *Токтогул, камырабай эле кой апаке, мен бутума жапкакты байлап эки бээ саамда айылдын, төбөсүнөн чыгам деген* (Токомбаев). *Жапкак кийип жөө чубап, Көпчүлүгү жалданып* (Тоголок Молдо). 2. Көздүн үстүн жаап турган териси. *Гүлайым көздөрүн сурмалуу жапкагы менен далдаалап, башын төмөн карай эңилтти* (Бейшеналиев). *Татыбек жапкак көзүн күлүңдөтүп энесине карады* (Байтемиров). 3. Далдаалап жаап, үстүндө калканч сыяктуу болуп турган бөлүкчө. *Жапкак таштын алдына Нуруш от жакты* (Убукеев).

**ЖАПКАКТУУ** Жапкагы бар. *Асканын түбү жапкактуу үңкүр* (Жантөшев).

**ЖАПКЫЧ** Бир нерсенин оозуна жабылуучу капкак же үстүнө жабылуучу нерсе, материал. *Ортодо тегерек үстөл, ага кызыл баркыт жапкыч жабылган* (Касымбеков).

**ЖАПМА** Жая салма же артылта жүктөө ыгы. *Көкбөрүчүл түгөнгүр, Ээрге жапма салды эми* («Эр Табылды»).

**ЖАПМА ЧЕЛЕК** Өз үй-бүлөсүнө, же чакан чөйрөдөгү азыраак сандагы жакын кишилерине гана чактап, башкаларга билгизбей, жашыруун жасалган суусундук тамак-аш. *Какылдак жапма челегин ачып жиберип бозо сүздү* (Сыдыкбеков). *Сен кийинки кездерде жапма челек боло баштадың го? – деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»). *Кышы менен жапма челек кылып «кирчиман» жасатып ичип, карт кекирип жүрө турган* (Саатов). *Какылдак жапма челегин ачып жиберип бозо сүздү* (Сыдыкбеков).

**ЖАПСАР** 1. Эки нерсенин конул болуп кошулган жери, асты көңдөйлөнгөн далдаа жер. *Мына бул чоң асканын алды эки жүз кой баткыдай үңкүр сымал жапсар эле* («Советтик Кыргызстан»). *Мергенчи таш кордону алды да үңкүрдүн төр жагындагы таштын жапсарына алып койду* (Жантөшев). ‖ Үзүктүн туурдукту жапкан жери, кыркасы. 2. *диал.* Курак салып, коосдоп жасалган баштык, секичек.

**ЖАПСАРЛУУ** Далдаалуу, буйткалуу, коңул сыяктуу, кокту-колоттуу. *Элдияр жапсарлуу жерди жабыттап, адырлуу жерди чабыттап турган эле* («Эр Табылды»).

**ЖАПСАРЛУУ ЖЕР** Оңой менен көрүн-

бөгөн буйта жер.

**ЖАПТЫР жап I** этишинин аркылуу мамилеси. *Уртүктү кабат жаптырдым* («Эр Төштүк»).

**ЖАПШЫР** 1. Бир нерсени катуу капшыра коюу, жабыштыра коюу, кабырылтуу, жалпайта уруу. *Кара баткакта эле Кылымбай менен бирге жапшырып таштабай!* (Турусбеков). *Бекташ темир така ботинкасы менен алкымдан ары жерге жапшыра басты* (Сыдыкбеков). ‖ Жабыштыра кысуу, бир нерсенин үстүнө жабыштыра тигүү, жабыштыруу. *Баласын бооруна жапшыра кучактап, келин чуркап келаткан экен* (Сыдыкбеков). 2. Катуу, жашыруу, бекитүү. *Гүлайым катты бырыштыра бүктөп, ички чөнтөгүнө жапшырды* (Бейшеналиев).

**ЖАПШЫРУУ жапшыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПШЫРЫЛ жапшыр** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАПЫЗ** 1. Бийиктиги жагынан ортодон төмөн, бою жагынан жапалдаш. *Чоң терезеси күн батышты карап турган жапыз там* (Сасыкбаев). *Почта жайланышкан үй жапыз эле* (Таштемиров). 2. Көтөрүңкү эмес, катуу эмес, жай гана, акырын. *Эне үнүн жапыз чыгарып сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

**ЖАПЫЗДА** Жапыз абалга келүү, жапыз болуу, төмөндө (мисалы, учканда). *Дөбө жыл өткөн сайын жапыздап бараткансыйт, Улам жапыздап барып, бир талга конду.*

**ЖАПЫЗДЫК** 1. Бийик эместик, жапыз экендигин белгилөөчү өзгөчөлүк. *Эң биринчи ирет ал жердеги дөбөлөрдүн жапыздыгы көзгө түшөт.* 2. Катуу эместик, акырындык, көтөрүңкү эместик. *Айшанын үнү жапыздык кылды* («Ала-Тоо»).

**ЖАПЫЛДА** Ичи-койнуна кирген же өтө эпилдеген мамиледе болуу менен бирге шапылдап сүйлөө. *Так эле сиздин издеген кесип тура,– деп жапылдаган бир эркек сүйлөп кетти* (Сыдыкбеков). *Мурат ан сайын эпилдеп-жапылдап жаны-маны калбай чимирик болуп кетти* (Байтемиров).

**ЖАПЫЛДАК** *диал.* Жапылдап эрди-эрдине тийбей сүйлөгөн адам. *«Атасы башка менен коён улаба» дейт баякы жапылдак.*

**ЖАПЫР** 1. Жерди карай ийүү, жыгуу, жапшыруу (көбүнчө өсүмдүктөргө ж.б. карата). *Ак-Буура долуланып суу боюндагы бадалдардын учун төмөн жакты көздөй жапырат* (Абдукаримов). *Жайкалган көпкөк шиберди Жапырып шамал таштады.* (Бөкөнбаев). 2. Майтаруу, кайруу (көбүнчө мизддүү нерселерге карата). *Бычактын мизин жапырды.* 3. *өт.* Кайра кайруу, кайра кайтаруу. *Ач бөрүдөй качырып, Алды жагын жапырып* («Эр Табылды»). *Кууп барат жапырып, Өңгүл-дөңгүл жер менен* («Манас»).

**ЖАПЫРАЙ** Жепирейип жапыз көрүнүү, жалпайган начар көрүнүштө болуу. *Кабыл дарбазанын сол жагында бир жапырайган жалгыз тамга түнөдү* (Элебаев). *Уюлгуп соккон желден улам жапырайган бадалдар кээ-кээде кыймыл эткен болот* (Жантөшев).

**ЖАПЫРАК** 1. **жалбырак** менен бирдей. *Жапан терек жапырагы дилдиреп, Жерге түшүп өлгөндүгүн билдирет* (Токомбаев). *Жыгачтын көркү жапырак* (макал). 2. Жалпак-жалпак майда бөлүкчөлөр, келки бөлүк. *– Курдаш,– деди ал конверт ичинен бир жапырак кагазды алып жатып.*

**ЖАПЫРАКТА** Жалпак-жалпак келки кылып майда бөлүкчөлөргө бөлүү. *Этти жапырактап кесүү.*

**ЖАПЫРАКТАЛ жапыракта** этишинин туюк мамилеси. *Эт жапыракталып тууралган.*

**ЖАПЫРАКТАТ жапыракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАПЫРАКТОО жапыракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПЫРАКТУУ жалбырактуу** менен бирдей. *Саясына конуппуз, Жапырактуу чынардын* («Манас»).

**ЖАПЫРАҢ: жапыраң-жапыраң** Көбүнчө жапалдаш, бир аз толугураак келген адамдын эпилдеген тез кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

**ЖАПЫРАНДА** Жапыраң-жапыраң этүү, элпек тез кыймылдоо (жапалдаш келген толугураак адамдын кыймыл-аракети жөнүндө). *Жапыраңдап ырдайсың* (Токтогул).

**ЖАПЫРАНДОО жапыраңда** этишинин кыймыл атоочу

**ЖАПЫРТ I** Бүт баары, жабыла, текши, жалпы. *Бизди карап турган балдар жапырт күлүп калышты* (Каимов). *Катуу чаап келаткан аттын дүбүртү угулганда бардыгы жапырт ошол жакка караашты* (Жантөшев).

**ЖАПЫРТ II жапыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАПЫРУУ жапыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАПЫРЫК** Жортуул, кол салып кирүү.

**ЖАПЫРЫЛ жапыр** этишинин туюк мамилеси. *Жел жортсо, кадимки толкундай агып, шибери жапырылат* (Сыдыкбеков).

**ЖАР I** Жубайлардын бири, аялы же күйөөсү (улгайганга чейинки мезгилге карата). *Алымкул өзүнүн башына түшкөн жамандыкты сүйгөн жары Гүлайымга баяндап берди* (Абдукаримов). *Азамат эрге табылса, Айнектей сулуу жар кызык* (Токтогул).

**ЖАР II** Бир жагын суу жеп же урап калган тик жер, кемер, суунун кемерленген бийик жээги, тоонун бир жагы урап калган бети. *Чүй суусунун тоо жакки кашаты кырка жар* (Сасыкбаев). *Жаза басса ат туягы, Жардан таштар куланат* (Бөкөнбаев). *Жети-Өгүзгө жеткен кезде карасаң Тизмектелген укмуш кызыл жар турат* (Шүкүрбеков).

**ЖАР III** Жарчы аркылуу жарыяланган,

айтылган кулактандыруу, оозеки жарыя кылынган кабар. *Ошондо Көкөтөйдүн Бокмурун, Калкка жарын угузду* («Эр Төштүк»). *Кана эмесе мырзалар, Жарымды элге салгыла* («Мендирман»). *Ырчылар аралашып жар айтканда, Шырп этпей, жыйылган эл кулак түрдү* (Маликов).

**ЖАР IV** 1. Жыгачты, кандайдыр бир башка нерселерди бөлө чаап ажыратуу, жаракалоо, чаап, уруп бөлүктөргө бөлүү. *Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди* (Байтемиров). *Алымкул дөңгөчтү жарууга ылайыктап майдалап омурду* (Абдукаримов). 2. Айыра чабуу, айрылган, тилинген абалга келтирүү, *Тоголотуп тепкилеп, Жара чапкын бетти деп* (Тоголок Молдо). *Жылдызкан аңгыча бутунун чөңөр жарып канап кеткенин көрдү* (Байтемиров). *Келтек тийип башына, Жарып алган андан көп* (Үсөнбаев). Кандайдыр мизддүү нерсенин жардамы менен эшилте саюу, тиштөө аркылуу бөлө тартуу, жыра тартуу. *Муслимахун Кайназарды жарып салууну да ойлоду* (Жантөшев). *Бирөөң аман калтырбай, Жара тартып салды эми* («Эр Төштүк»). 3. Талкалоо, жарылуучу заттарды колдонуу менен бузуу, кыйратуу. *Кабагын түйгөн жерлерге, Таш жарып канал казгыла* (Осмонкул). *Кара зоону как жарып, Түбү менен оодарып* (Калык). 4. Дал ортосунан бөлүп кирүү, аралап өтүү. *Алда кайдан үрккөн жылкы көчөнү как жара тобу менен дүрбүп өттү* (Айтматов). *Айылдын ортосунан туура жарып, Туптунук жаркыраган чоң суу аккан* (Шамшиев). *Динар шиберди как жарып туурага атырылган жыланды көрдү* (Сыдыкбеков). 5. Абдан белгилүү болуу, кеңири тароо (көбүнчө атак-даңк жөнүндө). *Менин элге таанылып, атагым таш жарар мезгил келген экен го* (Каимов). *Атагы чыгып жер жарып, Алыскан жоону жеңелик* («Эр Табылды»). Катуу, бийик угулуу, катуу чыгуу же катуу сезилүү. *Дүңгүрөгөн ызы-чуу, Кара жерди жарганы* («Мендирман»). *Күлкүлөрү таш жарат, Чалдарыңы карасаң* (Токомбаев). *Мына, кулак жарып, кыштакты аралап көк кашка суу атырылат* (Сыдыкбеков). *Шек алып жыттап көрсөм, мурдумду жарып кетти* (Жантөшев).

**ЖАР БОЛУУ** Арка-тирек болуп, жардамы тийсин, колдой жүрсүн деген сыяктуу тилек кылуу маанисинде колдонулат. *Жараткан-ай! Жар боло көр, сактай көр. Шордуу жалгыз эле* (Укаев). *Жараткан жар болсун, адилет ажатыңызга* (Бейшеналиев). *Кыдыра кырчын тал болсун, Семетейге жасаган өзү жар болсун* («Манас»).

**ЖАР-ЖАМААТ** Жолдош-жоро, ага-тууган көпчүлүк элди билдирүү иретинде жалпылай айтылуучу сөз. *Жар-жамаат агайын, жалпы-жайык угуучу* (Тоголок Молдо). *Жыл айланганда жар-жамаат, ага-тууган чогулуп, – кой, Үсөн, кайрат кыл, дешкен* (Касымбеков).

**ЖАР-ЖАР** *адаб.* Байыртан түрк элдеринин үйлөнүү тоюнда обон менен, көбүнчө жамааттташып, кээде алымсабак айтыш түрүндө, кээде жалгыз киши тарабынан аткарылуучу расмий-салт ырлары. *Асмандагы жылдызды сегиз деңер, жар-жар, Сегиз кыздын серкери келди деңер, жар-жар, Эки жаштын тилегин берди деңер, жар-жар. Кыйбаймын го өзүңдү бала мекен жар-жар, ж.б.*

**ЖАР-ЖОРО** Жолдош-жоро, курбу-курдаштар. *Жар-жоро, боорукер шахтёр эркек-аялдар келишип, Мусабектин үй-бүлөсүнө көңүл айтып жатышты* (Сасыкбаев).

**ЖАР КАБАК** Кабагы бийик. *Жалаяк ооз, жар кабак, Жалдуу Төштүк уулум бар* («Эр Төштүк»).

**ЖАР КӨРҮШҮҮ** Кыз оюнунда (кызга жигит күйөөлөп келгенде) кыз менен күйөөнүн, же башка кыз, жигиттин бири-бирине аркаларын тийиштирип, моюндарын буруп, айкалышып өбүшүү аркылуу жүз көрүшүү жана ушундай оюндун наамы. *Элди чакырып койгомун, кыз оюн куруп, жар көрүшөбүз* («Ала-Тоо»). *Андан кийин башчы келин менен күйөө жолдош жар көрүштү* (Жантөшев). *Күмүш Алтай менен жар көрүштү* (Жантөшев).

**ЖАР ЧАКЫРУУ** *адаб.* Элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү болуп, тойлордо жарлык айтуу.

**ЖАРА I** 1. Талапка ылайык келүү, туура келүү, талаптагыдай болуу, жагып калуу. *Жабылып калмак жоо келсе, Жатып алыш жарабас* («Курманбек»). *Уйдун үч эмчеги жарабай калган* (Жантөшев). *Бул жазгандарың мага жарады.* ‖ Бир ишти аткарууга, орундатууга кереги тийүү, пайдасы тийүү. *Биз дагы сиздин бир ишиңизге жарап каларбыз. Ал карагай комузум, Оокатыма жарады ай* (Токтогул). *Жүрөгү бар азамат, Ошондо ишке жарады* (Турусбеков). *Балам, бир жарагын ишиме* (Токтогул). 2. Кандайдыр бир нерсеге көңүл буруу, назар салуу, көңүлгө алуу. *– Чай ич дегенге да жарабапмын ээ,– деп Таттуу күйкөлөктөдү* (Байтемиров). 3. **жарайт** *формасында.* Макул дегенди, макул болгондугун билдирүү маанисинде колдонулат. – *Жарайт, барып келейин, апа! – деп кыз ордунан турду.* 4. *Атоочтук формасында.* **жараган**. Мыкты, келишкен, ойдогудай, табына келген. *Эки зээрден жараган үч кой алып, үч зээрден сатса тогуз зээр* (Жантөшев). *Жараган күлүккө окшоп көп жол басып, Бүркүттөй нечен бийик зоолор ашып* (Осмонов).

**ЖАРА II** Ар кандай кокустуктардан, теринин сезгенишинен же башкача зыяндашынан улам денеде шишип, ириндеп, ыйлаактап пайда болгон илдет, тери ооруусу, жараат. *Кабылдаган жараны, Кайра таңып*

*салды эми* («Эр Табылды»). *Айыктырдың оң санымдын жарасын* (Үмөталиев). *Буту жара ак жолборс, Тууганыңдай көрүндү* («Эр Табылды»). *Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт* (макал). 2. *өт.* Кайгы, муң, көңүлгө так калтырган жамандык. *Жүрөгүңүздөгү жарага байкабай тийип койгондугум үчүн кечирим сурайм* (Жантөшев). *Канткенде табам амалын, Көкүрөктө жаранын* (Элебаев). *Күндөн күнгө бата берип жокчулук, Ырбаттың сен жүрөктөгү жараны* (Турусбеков).

**ЖАРААТ** 1. Денеге ок жаңылуудан, найза сайылып, кылыч чабылуудан же башка нерселер тийүүдөн улам пайда болгон ткандын бузулуп, жараланган жери, ок тийүү же башка себептерден улам пайда болгон жара, жаракат. *Табылды жерден үй каздырып алып, жараатын дарылатып жатып калды* («Эр Табылды»). *Сакайып кыздын жарааты, Бет алды чыгыш тарапты* («Кыргызстан аялдары»). 2. *өт.* Кайгы, муң, санаа, көңүлгө так калтырган жамандык. *Деп Макс башын салды жерди карап, Кыйнады көңүлүнө түшкөн жараат* (Турусбеков).

**ЖАРАДАР** 1. Жаралуу болгон, жарааты бар, жаралуу. *Чөп чабык жаңы башталганда, фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабарды уктук* (Айтматов). *Абдылданы атып жарадар кылышты, ага азыр тынчтык керек* (Байтемиров). 2. Жараланган адам, жаралуу адам. *Бир өңкөй жарадарды койгон топтоп* (Үмөталиев). 3. *өт.* Кайгы-муңу бар, кайгы-капалуу. *Сугатчы, экөөңдө тең эки күрөк, Жарадар экөөңдө тең эки жүрөк* (Турусбеков).

**ЖАРАК** 1. Жалпы эле ар кандай керектөөлөргө пайдаланылуучу курал-шайман, жабдык. *Жарагы барбы Токоңдун, Өлгөндү жерге көмүүгө?* (Токтогул). *Камдашып жолдошуна жарак аспап, Шаттанган эмгек үнү күлүп шак-шак* (Бөкөнбаев). *Ээр токум, ат жарак, баарысынан айрылып* («Манас»). 2. Согуштук куралдар, жоого каршы колдонулуучу курал. *Кылыч, мылтык жарагы бар, Чолок сары тон кийген* (Бөкөнбаев). *Колундагы таякпы же жаракпы, ажырата албадык* (Жантөшев).

**ЖАРАКА** 1. Жарылган бир бөлүк же майдаланып бөлүнгөн бир сынык (көбүнчө отунга карата). *Эки жараканын башын отко салып коюп бир кемпир отурат* (Бөкөнбаев). 2. Узатасынан кеткен жарык, жарык калтыра сынган же ажырап кеткен жик. *Жакшы го сенин жыгачың, Жарака кетип сынбаган* (Токтогул). *Жото жиликтен жаракага айландыра кур ороп, шакшак коюп, таңууга киришти* (Осмоналиев). *Батый жеңиштүү эмгек үчүн тапшырылган кызыл тууну чоң таштын жаракасына сайып, Самат экөөлөп бекем орнотушту* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Ынтымагы, ыркы кетүү, арасы ачыла баштоо, араздашуу. *Сүйүнбай менен Асылдын арасына жарака түштү, эми Бөлөбала менен Алапайдын артын көрөбүз деп аңдып калышкан* (Өгөбаев).

**ЖАРАКАЛУУ** Жаракасы бар, жарака кеткен. *Жаракалуу жыгач. Жаракалуу таш.*

**ЖАРАКАТ жараат** менен бирдей. *Ал кезде медициналык жардам берүү, жаракатты таңуу кайда* (Сасыкбаев).

**ЖАРАКЕЧ жароокер** менен бирдей. *Кайгырууну билбеген, жаракеч адам болгон* (Бөкөнбаев).

**ЖАРАКӨР** *туурасы:* **жароокер.**

**ЖАРАКСЫЗ** 1. Колдонууга, пайдаланууга жарамдуу эмес, керектөөдөн чыгып калган, керексиз. *Атууга жараксыз кылды* («Ала-Тоо»). *Кай бирин жараксыз иретинде четке кагып таштагансыйт.* 2. Курал-жарагы жок, куралданбаган. *Найзасынан айрылып жараксыз калды.*

**ЖАРАКТАН** Куралдануу, курал-жарак алуу, курал-жарак менен камсыз болуу. *Баары тегиз жарактанган, Бардеңкелер асынган* (Бөкөнбаев). *Кезенип уландар да жарактанды* (Токомбаев).

**ЖАРАКТАНДЫР жарактан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАРАКТАНТ жарактандыр** менен бирдей. *Айтылуу балбандарды жарактантты, Күн мурун даярданган эки тарап* (Маликов).

**ЖАРАКТАНУУ жарактан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРАКТУУ** 1. Пайдаланууга, колдонууга жарай турган, керектүү, жарамдуу. *Кайсы печка жарактуу, кайсынысын ремонттоо керек, кээ бирөөнү бузуп жаңы салына тургандыгын кеңешишти* (Бейшеналиев). 2. Куралдуу, колуна курал алган, курал-жарагы бар, куралданган. *Элүүдөн ашык өң жарактуу кишилер Асантай тобун курчай калышты* (Сыдыкбеков). *Жарактуу кол куралсын аба!* (Турусбеков). *Черновдун эшигинин алдында жарактуу бир солдат турат* (Жантөшев).

**ЖАРАКЧАН** Жарактуу, курал-жарагы бар, куралданган. *Булар баары мылтык, кылыч – жаракчан* (Шамшиев).

**ЖАРАЛ** Дүйнөгө келүү, пайда болуу. *Дүйнөгө жаңы жаралган, Кулунумдун кулуну* (Маликов). *Анын сыйда келбети жалаң гана балет үчүн жаралгандай* («Ала-Тоо»). ‖ Түзүлүү, курулуу, жасалуу. *Биздин кыштак жети жылдык улуу пландын биринчи жылында жаралды* («Советтик Кыргызстан»). *Опсуз чебер баатырдын колунан жаралган* (Жантөшев). *Жаралып далай буюм чыгып жатат, Сайылып, көчөттөлүп эмгек гүлү!* (Бөкөнбаев).

**ЖАРАЛА** 1. Жарадар кылуу. *Көөдөнүн найза аралап, Көкүрөгүн жаралап* («Курманбек»). 2. Жара пайда болуу, жарасы күчөп кетүү. *Оң жак колу жаралап, улам жаңысы чыкчу болду. 3. өт.* Кайгыга, санаага салуу.

*Сулуу кыз, айтчы сырды, мунуң кандай, Жаралап жүрөгүмө чокту салдың* (Шимеев).

**ЖАРАЛАН жарала** этишинин өздүк мамилеси. *Кыргоолдун экинчиси канатынан жараланып, качып жөнөдү* (Каимов). *Элинин эт жүрөгү жараланып, Эбакты өткөн күндүн изин чалып* (Тыныстанов).

**ЖАРАЛОО жарала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРАЛТ жарал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАРАЛУУ I** 1. Жарасы бар, жара чыккан. *Балалап кеткен чоң-чоң жаралуу колдоруна дары сүйкөдү* («Ала-Тоо»). 2. Жарадар, жарадар болгон. *Эр Табылды алаңдап, Жаралуу буту салаңдап* («Эр Табылды»). 3. *өт.* Кайгылуу, муңдуу, күйүттүү. *Жакып менен Турдукандын кирпиктери нымдуу, жүрөктөрү жаралуу* (Бейшеналиев). *Батийнанын жаралуу жүрөгү да айыга баштады* (Сыдыкбеков).

**ЖАРАЛУУ II жарал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРАЛУУ ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ** Оор, кыйын абалын кайра эсине салуу, кыжырын келтирүү. *Абышка шылк этип ылдый карады, байдын сөзү анын жаралуу жерине таамай тийди* (Каимов). *Өзү айткандай, түркөй досу жаралуу жерине тийип, аны апчыгандай акын эрдин тиштене үшкүрүк аттырды* (Бердикеев). **В.: Жарасына тийүү.** *Анын жарасына тийген сөз эле* (Жусупов). Жаратына тийүү. *Байкоостон жаратына тийгенге кейип, өкүттөсүн зирилдеп укту* (Бейшеналиев).

**ЖАРАМ** Бир нерсеге керек болгондук, жарай ала тургандык, жарактуулук. *Жарамы жок жигит көрүнөт.*

**ЖАРАМАЗАН** Орозо убагында каалоо иретинде (көбүнчө балдар тарабынан) айтылуучу салттык ыр. *Жарамазан айтып келдик элиңизге. Чарчы жоолук бериңиз белибизге. Терезенин түбүндө жарамазан айтып эки бала турат* («Чалкан»).

**ЖАРАМАН** Жарактуу, жардамы тиер. *Томого чечсең жараман, Токойдон коргоол илерге.*

**ЖАРАМДУУ** 1. Бир нерсе колунан келе ала турган, жарактуу, пайдаланууга, колдонууга боло турган. *Жумушка жарамдуу колхозчулардын баары эмгек талаасында жүрүшөт* (Таштемиров). 2. Мыкты, тың, жараган, сапаты жакшы. *Куугунчулардын минген аттарынын бардыгы жарамдуу эле* (Жантөшев).

**ЖАРАМДУУЛУК** Кандайдыр бир иш колунан келе ала турган жөндөмдүүлүк, жарактуулук, пайдаланууга, колдонууга жарай ала тургандык, керек боло ала тургандык. *Машинаны эбелектей учуруп айдап бара жаткан жарамдуулугуна таң калышты* (Сыдыкбеков). *Күрөңкөй уулу нечен жерде өзүнүн жарамдуулугун, эпкиндүүлүгүн көрсөткөн* (Элебаев).

**ЖАРАМСЫЗ** 1. Пайдаланууга, колдонууга жараксыз, керектөөгө жарабай турган начар. *Экинчи кампадагы үрөн он жети процент жарамсыз* (Сыдыкбеков). *Уюткусу жарамсыз болуп жаткан чыгар!* (Убукеев). 2. Ылайыксыз, орунсуз, ылайык келбей турган. *Жаманбайдын жарамсыз иштери жетер жерине жетет* (Бөлөкбаев).

**ЖАРАМСЫЗДЫК** 1. Пайдаланууга, колдонууга, керектөөгө жарабай калгандык, жарамдуу эместик, жөндөмү жоктук. *Жарамсыздыгынан сандан калып салбырап жүргөн эме да* (Сыдыкбеков). 2. Ылайыгы жоктук, орунсуздук, ылайыктуу болбогон кылык-жорук, жөнү жоктук.

**ЖАРАН I** 1. Расмий түрдө тигил же бул мамлекеттин туруктуу тургуну болуп эсептелип, ошол мамлекет тарабынан камсыз кылынган бардык укуктардан пайдаланган жана мыйзам аркылуу белгиленген бардык милдеттерди аткарууга тийиштүү болгон адам. 2. Адам, эл. *Жарымы төгүн жарымы чын, Жарандардын көөнү чын* («Семетей»).

**ЖАРАН II** *сейр.* Даярдануу. *Ач арстандай жаранып, эки жагын каранып* (фольк.).

**ЖАРАНДЫГЫ ЖОК** Расмий түрдө мамлекеттин жараны катары катталбаган.

**ЖАРАНДЫГЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ** Жарандыгынан ажыратылган адамдын кайрадан жаран катары катталышы.

**ЖАРАНДЫК I** Жаран катары тигил же бул мамлекетке таандык болуу абалы.

**ЖАРАНДЫК II** 1. Жарандардын укуктук абалына байланыштуу жарандык мыйзамдар. 2. Өзүн тигил же бул мамлекеттин жараны деп эсептеген адамга мүнөздүү.

**ЖАРАНДЫК БАШ ИЙБЕСТИК** Калктын же адамдар тобунун мамлекеттин кандайдыр бир иш чарасына каршылык көрсөтүү иретинде өкмөттүн буйругун аткаруудан баш тартышы.

**ЖАРАНДЫК ПАРЗ** Укуктук мамлекеттердин алдындагы адамдардын милдети. *Жарандык парзды аткарууга, аны сезүүгө тийишсиң.*

**ЖАРАНДЫК УКУК** Адамдын мамлекеттин жараны болуудан келип чыккан укуктары. Адамдар ортосундагы мүлк мамилелерин жөнгө салуу нормалары.

**ЖАРАНКА** Майдараак жарылган отун.

**ЖАРАНЫ КОЗГОО к. Эски жараны козгоо.**

**ЖАРАНЫН ООЗУ АЧЫЛУУ** Көптөн бери айтылбай, чыгара албай жүргөн бугун, нааразылыгын, ачуусун же бирөөгө карата болгон кегин чыгаруу, эски дартын эске салуу маанисинде айтылат. *Эми өзү менен көрүнө кошо кете турган жарасынын оозу ачыла баштады* (Абдукаримов). *Эгерде Муса тилин тарта сүйлөгөндө, Шарапаттан бул сөздөр таптакыр чыкпайт эле. Өзү айткандай билгизбей жүрүп өлөт болучу. Эми*

*өлүм менен ичине кошо кете турган Шарапаттын жарасынын оозу ачылды...* (Абдукаимов).

**ЖАРАҢКА жарака** менен бирдей. *Каныбек эки-үч жараңканы печтин ичин көздөй ыргытып койду* (Жантөшев).

**ЖАРАСЫ ЖЕҢИЛ** Аткарылышы абдан оңой, колдон келе тургандай, табылышы анча кыйын эмес, орундоого же аткарууга боло тургандай. *Ошол элеби? Анын жарасы жеңил, – деди күлүп* («Кыргызстан маданияты»). *– Май дедиңизби? – Анын жарасы жеңил. – Иш казан менен челекке калса, алардын жарасы жеңил,– деди Амантур* (Убукеев). **В.: Жарасы оңой.** *Анын жарасы оңой, андан кам санаба.*

**ЖАРАСЫН ТЫРМОО** Унутулуп кал-ган, өтүп кеткен кайгылуу ишти, оор абалды эске салуу, козгоо, кайра жаңыртуу. *Ичте калган арманы ансыз деле арбын окшойт, жарасын тырмап не кылалы деп жайына жөн коюшту* (Айтматов). *Ошол өңдүү чырдын ичинен быйылкы жаздагы жараны тырмап коём деп, иш өтө оордоп кеткендей* (Осмоналиев). **В.: Жаратын тырмоо.** *Жээни бүгүн өткөндөгү кайгынын жаратын тырмады* (Мырзаев). Жаралуу жерин тырмоо. *Жаралуу жеримди тырмап кетесиңер. Көкүрөккө жаңы, жарытылуу сөз түшпөсө эмне жазам* (Бейшеналиев).

**ЖАРАСЫН ЫРБАТПОО** Кандайдыр бир чыр-чатакты күчөтүп, улантып жибербөө. *Ушундайда жарасын ырбатпай тим коёлу дедик* (Абдымомунов).

**ЖАРАСЫН ЫРБАТУУ** Чыр-чатакты күчөтүп, улантып, шардана кылып жиберүү. *«Ач кулактан тынч кулак»: ушундайда жарасын ырбатпай тим болуу керек* (Абдумомунов). *Жараны кайра ырбата бербейли* (Бейшеналиев). *Алардын чыры, жарасы улам ырбап, улам чоюлуп, оорулууну бороздоткон өткөндөгү абалга окшоду* (Осмоналиев). **В.: Жаратын ырбатуу.** *Эми алардын жаратын ырбатуунун кажети жок дедик да тим болдук* («Ала-Тоо»).

**ЖАРАСЫНА ТИЙҮҮ** *к.* **жаралуу жерине тийүү.**

**ЖАРАТ I** *туурасы:* **жараат.**

**ЖАРАТ II** 1. Кандайдыр бир нерсени, имарат же буюмду, чыгармачылык эмгекти ж.б. пайда кылуу, түзүп, жасап же иштеп чыгаруу, дүйнөгө келтирүү. *Адам данды бүкүлү жеп жүргөндө, Уста киши тегирменди жаратты* (Токомбаев). *Бул берекени ак эмгек менен өзүбүз жараттык* (Сыдыкбеков). *Сенсиң ырды өлбөс кылып жараткан* (Маликов). *Канынан жан жараткан алтын эне, Чоңойгон ак сүтүңдү кызың эме* (Үмөталиев). 2. Жактыруу, жарамдуу деп табуу, жарактуу, таламга туура келгидей деп эсептөө. *Байгенин баарын таратып, Баланы калкы жаратып* («Эр Табылды»). *Муслимахундун сөзүн Анархан да жаратпады* (Жантөшев). 3. Керектөө, керек кылуу, бир нерсеге керектеп жумшоо. *Жаткан картаң өз алдынча күңк этти: тобурчактарды ташып эмне ишке жаратмакчы булар* (Сыдыкбеков). 4. *Атоочтук формада:* жараткан. Кудай, алла таала, жаратуучу. *Аман-эсен келишиңерди жаратгандан тилейбиз* (Абдукаримов). *Мойнуна курун салынып, Жаратканга жалынып* («Эр Табылды»). *Жаратканга зарланып, Кетирдим далай алымды* («Эр Төштүк»).

**ЖАРАТКАН** Кудайдын сыпаты (Жаратуучу) кыргызча аталышы. «Жарат» – кандайдыр бир нерсени пайда кылуу, түзүү жасап же иштеп чыгуу, дүйнөгө келтирүү. Ага «кан» мүчөсү улануу менен ал атоочтук формага өткөн жана затташкан мааниде Кудайды туюнтуп калган. Кудайдын башка сыпат сыяктуу аттары сыяктуу эле кеңири кездешет. *Жараткан болсун жар – деди.* («Манас» С.О.). *Жаратгандын өзүнө* («Манас» С. К.).

**ЖАРАТУУ жарат II** этишинин кыймыл атоочу, *Колхозчулардын ынтымактуу эмгеги зор байлыктарды жаратууда* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАРАТЫЛ жарат II** этишинин туюк мамилеси. *Жер бүткөндөн жаратылып суу дагы, Ага-ага аска ташка урунган* (Калык).

**ЖАРАТЫЛЫШ** 1. Бизди курчап турган, адамдар тарабынан түзүлбөгөн материалдык дүйнө, табигат. *Балким, жаратылышта экинчи андай күн болбос, – деди Толгонай* (Айтматов). 2. Жер жүзүндөгү табигый шарттардын жыйындысы. *Нина Леонтьевна жаратылыштын көркүнө кызыгат* (Сыдыкбеков). *Курт-кумурскалар жайкы жаратылыштан пайдаланып калуу үчүн эмгекке киришет* («Мугалимдер газетасы»). *Булут, чоң энең айткандай, тукумдап узак жашоочу жандуу жаратылыш эмес* (Сыдыкбеков). 3. Кандайдыр бир нерселерге мүнөздүү болгон өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, тубаса касиет, таандык мүнөз. *Азыркы макаланын максаты балдарды тарбиялоодо түшүнүктүн психологиялык педагогикалык жаратылышын ачып көрсөтүү* («Мугалимдерге жардам»).

**ЖАРАТЫЛЫШТЫК** Жаратылышка тиешелүү, жаратылышка таандык болгон, табигый. *Жаратылыштык белгилерине карай зоналарга бөлүштүрүү. Жаратылыштык бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүү.*

**ЖАРАТЫНА ТИЙҮҮ** *к.* **жаралуу жерине тийүү.**

**ЖАРАШ I** Урушуудан, ортодо чатак чыгаруудан, наааразы болуудан кийин кайра таттуулашып ынтымакка келүү, табышуу, элдешүү. *Мамбеткул өз айыбын сезер менен Салык досу менен жарашкысы келди* (Каимов). *Эрдик кылса Дөлөнүн, Эбин таап жарашсын* («Курманбек»).

**ЖАРАШ II** 1. Жарашыктуу, келишим-

дүү көрүнүү, жакшынакай көрүнүштө болуу. *Келин-кызга жарашкан, Керенелүү шай кызык* (Токтогул). *Кара комбинезону Фатиманын шырыктай боюнча жарашып турду* (Сасыкбаев). 2. Туура келүү, тиешелүү деңгээлде болуу, бап келүү, толук ылайык келүү, шайкеш келүү. *Саяпкери жарашса Тобурчак неге басынсын!* (Жантөшев). *Мамилеси жарашпай, Баары журтка дүң болот* (Токтогул). *Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот* (макал).

**ЖАРАША** Кандайдыр бир нерсенин ыңгайына, шартына карай, ошого ылайык. *Ар бир кубулуштун өзүнө жараша карама-каршылыгы бар* (Абдукаримов). *Сөзгө саралдыгына жараша Эрнестин боорукерчилиги өтө күчтүү* (Жантөшев). *Иштин ыңгайына жараша дагы ойлонуп акылдашалы* (Жантөшев). *Докторлордун суроосуна жараша жооп бердим* (Жантөшев).

**ЖАРАШТЫР I жараш I** этишинин аркылуу мамилеси. *Эки жашты кайра жараштырып коёлу* (Жантөшев).

**ЖАРАШТЫР II жараш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жанына келди курдашы, Токо, жараштырып ырдачы* (Токтогул).

**ЖАРАШУУ I жараш I** этишинин кыймыл атоочу. *Жарашууга макул болуу.*

**ЖАРАШУУ II жараш II** этишинин кыймыл атоочу. *Көйнөк кыздын келбетине куп жарашуу менен, куюп койгондой чакан да болуп чыкты* («Ала-Тоо»).

**ЖАРАШЫК** Кандайдыр бир нерсенин көрүнүшүндөгү келишимдүүлүк, көрктүүлүк, кыналып бап келгендик. *Сайкалдын нурдуу жүзүндө жарашыгын таап туруп кол менен койгондой бир меңи бар* (Элебаев).

**ЖАРАШЫКСЫЗ** Жарашыгы жок, келишимдүү эмес, көзгө комсоо. *Жарашыксыз кийим.*

**ЖАРАШЫКТУУ** Келишимдүү, көрктүү, кыналган, бап келген, татынакай. *Сабырга тик жака кители кынап койгондой жарашыктуу* (Сыдыкбеков). *Аннанын өзүнүн тиричилигине жараша коюлган буюмдары жарашыктуу болуп турган эле* (Жантөшев). *Жарашыктуу кийинсе, Бойдун чери жазылат* (Барпы).

**ЖАРАШЫКТУУЛУК** Келишимдүүлүк, көрктүүлүк, жарашып кыналып тургандык көрком көрүнгөндүк. *Табийгаттын татына жарашыгы Малга, жанга байлыгы таратылуу* (Самудинов).

**ЖАРБАҢ: жарбаң-жарбаң** Өзүн ыгы жок эркин туткан, жөнү жок шайырланган, калдактаган көрүнүштү билдирүүгө колдонулат.

**ЖАРБАНДА** Өзүн ыгы жок эркин тутуу, ыгы жок теңтушсунуу, жөнү жок шайырлануу.

**ЖАРБЫК (кош жарбык)** Кошулуп күчөтүүчүлүк, кошумча күчөткүч кошумча. *Бура сүйлөгөн сөзгө күлкүлөр жарбык болду* (Убукеев). *Эне жарбык болуп жүрдү* (Убукеев).

**ЖАРГАК I** 1. Жүнү жыдытылып, ийленген майда жандыктын (көбүнчө койэчкинин) териси. *Терезеси жаргактан, Тегирмендей тамдарын* (Тоголок Молдо). *Жайы-кышы таңылган, Жаргак чанач жонунда* (Осмонов). *Экөө тең колдоруна жаргак мээлей кийишкен* (Баялинов). *Ал балбандар барышсын, Сары жаргак шым кийип, Багалектен алышсын* («Сейтек»). *Каалганын жанында малакайын баса кийген, тоо эчкинин терисинен жасалган жаргак шымчан бир киши отурат* (Байтемиров). *Жарашыксыз кулдурак, Жаргак шым кийдиң дебейин.* 2. Көбүнчө каз, өрдөк сыяктуу сууда сүзүүчү куштардын таманындагы салааларынын ортосун бириктире каптап турган жука тери. *Жаргак таман саргайып, Канаты казга жел кайык* (Шүкүрбеков).

**ЖАРГАК II** Кулак. *Жаргагы катуу жарандар, Жазып уккун деп айтат* (Дүйшеев).

**ЖАРГАК ШЫМ** Элдик сырт кийим.

**ЖАРГАКТАЙ** Жаргак сыяктуу, калдагай көрүнүштө, калдайган жука. *Жаргактай жалпак таманы, Жарылып сууга кирбеген* (Үсөнбаев). *Жаңгагы кулап сай толгон, Жалбырагы жаргактай* («Манас»).

**ЖАРГАКЧА** Жука кабыкча. *Кулактын тарсылдак жаргакчасы.*

**ЖАРГАНАТ** Канаттары жазы жаргактай болгон жука тери менен туташкан, көбүнчө түн ичинде учуучу чычкандарга окшогон кичинекей сүт эмүүчү жаныбар, *Капысынан учуп чыгат, Кайып өтүп жарганат* (Бөкөнбаев). *Үкү менен жарганат, Үңкүрдү көздөй салпылдап* («Семетей»).

**ЖАРГОН** Кандайдыр бир социалдык же адистик топтун речине гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктүү сөздөрдүн, сөз маанилеринин, туюнтмалардын жыйындысы. || Белгилүү гана чөйрөлөр үчүн түшүнүктүү болгон шарттуу тил же жасалма сөздөр.

**ЖАРГЫ: таш жаргы** Таштын жарыгына өсүүчү чөптүн бир түрү.

**ЖАРГЫЛЧАК** 1. Данды майдалоо үчүн (көбүнчө талкан тартуу үчүн) колдонулуучу эки беттелген тегерек таштан жасалган ортосу оюк, үстүнкү бетинде кармап тегерете турган туткасы бар курал. *Андан соң жаргылчактын оюгуна бир ууч жүгөрүнү салат да туткасынан кармап жай тегеретет* («Ала-Тоо»). 2. Көбүнчө таштак жерге чыгуучу өсүмдүктүн бир түрү. *Чапка чыккан кандим менен жаргылчак* (Калык).

**ЖАРДА I** Элге жарыя кылуу, көпчүлүккө угузуу, айтуу, жар салуу. *Элдин даңкын эрдик менен көтөрүп, Жер жүзүнө атагыңды жардады* (Токомбаев). *Колума комуз кармадым, Козголуп элге жардадым* (Тоголок Молдо).

**ЖАРДА II жардан** менен бирдей. *Көчөнүн быяк-тияк өйүзүндө жардап туруп калган элдин көрүнүшү да кызык* (Байтемиров).

*Карасам, он жети жигит жардап калышыптыр* (Байтемиров). *Белеске чыгып жардаган* (фольк.).

**ЖАРДАМ** 1. Кандайдыр бирөө тарабынан болгон кол кабыш, экинчи тараптан болгон ар кандай көмөк. *Бубуш үч күндөн бери арык казгандарга жардам берип жүргөн эле* («Ала-Тоо»). *Өрт чыкканда элди жардамга чакырууга да үлгүрө албай калдык* (Абдукаримов). 2. Материалдык, моралдык, духовный ж.б. жактан көрсөткөн колдоо. *Колхоздун жардамы менен эки бөлмөлүү там салдырып алды* (Байтемиров). *Майданга жардам болсун деп, Казышкан канал бул жерден* (Маликов). *Жанын кыйып жардам берип женишке, Ал учурган фашисттердин үрөйүн* (Маликов). *Ой, энеке, сенден күчтүү жан барбы, Кандай күч бар сенден жардам күтпөгөн* (Токомбаев).

**ЖАРДАМДАШ** 1. Жардам берүүчү, көмөк көрсөтүүчү. *Агроном жардамдаш, Ар өсүмдүк септирсе, Анысы өскөн кыргыздын* (Калык). 2. Ар кандай жумушка ишке кол кабыш кылуу, кандайдыр бир үлүшүн аткарууда кошо иштешүү, жардам көрсөтүү. *Мен аларга жардамдашып кап көтөрүштүм* (Абдукаримов). *Сапар апасына жардамдаша баштады* (Сасыкбаев). 3. Материалдык, моралдык, духовный ж.б. жактан колдоо көрсөтүү, көмөктөш болуу. *Бирок мага акыл жагынан жардамдашкылачы* (Жантөшев). *Бактылуу замананы курууга жардамдаш* (Жантөшев).

**ЖАРДАМДАШУУ жардамдаш** этишинин кыймыл атоочу. *Маселе бирибизге бирибиз жардамдашууда турат.*

**ЖАРДАМЧЫ** 1. Бирөөгө кандайдыр бир иш, жумуш боюнча жардам көрсөтүүчү, көмөктөш болуп кол кабыш кылып, кошо иш жүзүнө ашыруучу. *Токторго аялы жумушта эң ишеничтүү жардамчысы болду* (Абдукаримов). 2. Кандайдыр бир ишке жетекчилик кылган же ал иштин негизги аткаруучусу болгон адамга баш ийип, ага жардам бере турган, айрым учурда анын орун басары катарында милдет аткара турган адам. *Машинисттин жардамчысы. Мастердин жардамчысы.* ‖ *Керкибай райондогу мекемелердин биринде жардамчы бухгалтер* (Каимов). 3. Негизгисинен тышкары кошумча. *Жардамчы суроолор берүү.*

**ЖАРДАН** Аба жарып жапырт карап туруу, бир нерсеге таңыркагандай казганактап карап калуу, жапырт тигиле карап калуу, жапырт тизилип туруп калуу. *Кашатка келип жарданып, Алды жакты карадык* (Үмөталиев). *Жарданып боз үйлөрдөн карап турат, Аштагы байбичелер, кызкелиндер* (Маликов).

**ЖАРДАНТ жардан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАРДАТ жарда II** этишинин аркылуу мамилеси. *Көңкү журтка жардатып, Абыке менен Көбөштү, Орго салды зарлатып* («Семетей»).

**ЖАРДОО жарда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРДУУ I** Аялы же күйөөсү бар, жубайлуу, жары бар. *Бойдок келген баланы, Жардуу кылдым кырк жигит* («Эр Табылды»).

**ЖАРДУУ II** Кемерлүү, жарлары бар. *Чычкандын аңдуу, жардуу жээгинде жаңыдан курулуп жаткан жолдун нугу башталды* (Сасыкбаев).

**ЖАРДЫ** 1. Турмуш ал-абалы начар, колунда жок, кедей, жармач. *Атам жарды киши болгон* (Шимеев). *Жабыр тарткан жарды болсоңор да адамкерчиликтүү экенсиңер* (Жантөшев). 2. Кандайдыр бир жетишсиздик жагы бар, кемчил, начар. *Боз тамдын сырты кандай жарды болсо, ичи да ошондой эле* (Сыдыкбеков). *Кедей аялдарынын бир канчасы сөзгө жарды боло турган* (Убукеев).

**ЖАРДЫК жарлык** менен бирдей. *Бул жардыгым билгиле, Айтканыма киргиле* («Эр Табылды»).

**ЖАРДЫЛАН** Турмуш ал-абалы начарлоо, жетишсиз, жоксуз болуп калуу, жакырлануу, кедейленүү.

**ЖАРДЫЛЫК** Кедейлик, колунда жоктук, ал-абалы начарлык, жакырлык. *Жардылык, байлык кимде жок, Жардысың деп демитпе* (Токтогул). *Жардылыктын айынан, Чокойго бутум жооруду* (Каралаев). *Жардылыгын жашырган байыбайт* (макал).

**ЖАРДЫР жар III** этишинин аркылуу мамилеси. *Кузьма менен Мустафа чырактарын көтөрүп, жардыра турган жерди карап жатышты* (Сасыкбаев).

**ЖАРИЯ** *туурасы:* **жарыя.**

**ЖАРК** 1. Жарыктын, нурдун таралышын, чагылышын же кандайдыр бир өңдүнтүстүн чагылышкан сыяктуу болуп жалт-жулт этишин, жаркылдап тез көрүнө калышын билдирүүдө колдонулат. *Бир тетигин бураса, Жарк дей түшөт шаар бүтүн* (Үмөталиев). *Улам көтөргөн сайын алардын кетмендери жарк-жарк этип күнгө чагылышат* (Сыдыкбеков). *Төшүндө жарк-журк этти ордендери* (Осмонов). 2. Кандайдыр бир окуянын, кубулуштун тез, ылдам боло калышын, кескин түрдө жана айкын көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат. *Азаптуу оор күн кетер, Азаттык бир күн жарк этер* (Барпы). *Баш кошуп бир багытка айыл жаңы, Биринчи жарк эткенде колхоз таңы* (Абдыраманов). *Кутурган желдеттерди жексендедик, Жарк этип күчөп күйдү азаттык шам* (Токомбаев). 3. Жаркылдаган жайдары мүнөздү, шаттыкты билдирүүдө колдонулат. *Бактыбек апасын көрөр замат жарк этип күлүп койду* (Байтемиров). *Жарк этип тамашалуу күлүп койду, Өмүрдүн көп жомогун айтып келип* (Токомбаев).

**ЖАРКОО** *сейр.* 1. Шылтоо, шыйкоо. *Жарабаган бир ишти жаркоо кылуу.* 2. Негизсиз шылтоо табуучу, эптеп бир нерсеге шыйкоо кылуучу. *Жалкоо менен жаркоонун Жанында даяр күбөсү* (Тоголок Молдо).

**ЖАРКӨП** Майдараак бөртө кесилген эттен куурулуп, азыраак сорполуу кылып бышырылган камырлуу тамак. *Жаркөп да бышып калды* («Ала-Тоо»). *Айша жаркөптүн камырын жая баштады.*

**ЖАРКЫ** 1. Жарык чачуу, нур берүү, жаркыроо. *Дүйнөгө нуру жаркыган Октябрдын майрамы* (Тоголок Молдо). *Жаркыган жаздын күнүнө Жылуулук ырай кошкондой* (Маликов). 2. Жадырап-жайнаган жайдары мүнөздө болуу, көңүлү ачылуу, жаркылдаган шат көңүлдө болуу. *Күлүп-ойноп эр-аял, Көңүлү өсүп жаркыды* (Калык). *Көөнүң жаркып жакшы ачылсын мүнөзүң* (Калык). *Жаркып күлөт, Жаш өмүрү жыргалдарга баткандай* (Нуркамал).

**ЖАРКЫЛДА** 1. Жарк-журк этүү, жаркырап, жалтылдап көрүнүү. *Сол көкүрөгүндөгү эки ордени жаркылдап турат* (Жантөшев). *Комузунун башында, Күмүшү бар жаркылдап* (Токтогул). 2. Кабагы жарык, жайдары мүнөздө болуу, көңүлү шат болуу. *Уулунун көңүлү жайланганын көрүп, Жакып менен Турдукан да жаркылдады* (Бейшеналиев). *Жал-жал карап, күлүңдөп, Жаркылдайсың, өзгөчөм* (Барпы). *Асыл каадасынча жаркылдап Сапардын келгенине кубанды* (Сасыкбаев).

**ЖАРКЫЛДАТ жаркылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Таабалды кылычын күн нуруна жаркылдатып, душмандын артынан сая түштү* (Бектенов).

**ЖАРКЫЛДОО жаркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРКЫН** 1. Нур, шоола, жарык. *Асмандагы ай, күндүн, Жаркынынан бүткөндөй* («Манас»). *Тоо-тоого жаркын чачырап Күндүн нуру төгүлүп* («Эр Табылды»). *Күлпунат чачың күндүздай, Жаркының чолпон жылдыздай* (Үмөталиев). 2. Жакшы көргөндүгүн, сүйкүмдүүлүгүн билдирүү иретинде эркелете айтууда колдонулат. *Жатсам-турсам ойлодум, Жаркыным жалгыз баламды* (Токтогул). 3. Жайдары мүнөздүү, ачык-айрым, сүйкүмдүү, шат көңүлдүү, жылдыздуу, жаркылдаган жайдары. *Алый апа жаркын жүзү менен бизди ички үйүнө алып кирди* («Жаш ленинчи»). *Буралып турган жаркын кыз, Булбулдун үнүн укпайбы* (Бөкөнбаев). *Төрайым колун сунду Жаркын күлүп* (Барпы).

**ЖАРКЫНДУУ** Нурлуу, жаркыраган жылуу жайдары мүнөзү бар, сүйкүмдүү, жылуу жүздүү. *Жүрөк тоңгон суукта, Жылуу жазсың жаркындуу* (Осмонов).

**ЖАРКЫРА** 1. Жалтылдоо, жарк-журк этип көрүнүү, кирсиз тунук жалтыраган көрүнүштө болуу. *Тоо башында кетпес мөңгү жаркырап, Капчыгайда тунук өзөн шаркырап* (Шүкүрбеков). *Топтогон булут тарап, асман айнектей жаркырады* (Жантөшев). 2. Нур чачуу, шоола чачуу, жарык берүү, нур чачылуу. *Түн ортосунда жакындаган кезде чыгыштагы асканын артынан жаркырап ай чыга келди* (Жантөшев). *Ай жаркырап асмандан, Күмүш нурга бөлөдү* («Мендирман»). 3. Шандуу, жыргалдуу, бактылуу, шайыр турмушта болуу. *Күлмүңдөтүп өмүрдү, Жаркыраган күн бердиң* (Калык). *Булагынан дайрасы агып таалайдын, Жылдан-жылга жаркырады турмушум* (Үмөталиев). || Жайдары, сүйкүмдүү көрүнүштө болуу, ачык-айрым мүнөздө болуу, көңүлү ачылуу. *Жаркырап көргөн жерде күлүп сүйлөп, Бир башка мүнөзү бар кыз кызыккан* (Үмөталиев). *Жаркырады көңүлүм, Тилегиме мен жетип* (Токтогул).

**ЖАРКЫРАК** 1. Жаркыраган тунук, жарк-журк эткен, жалтылдак, жалтыраган. *Асмандагы жаркырак, Айдын нуру өзүмдө* (Тоголок Молдо). 2. Таза, кирсиз, көңүлдүү, шаттуу. *Өмүр деген тунук суу Шашып агат шаркырап, Тата билген адамдын, Бардык күнү жаркырак* (Токомбаев).

**ЖАРКЫРАТ жаркыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Аңгыча Байзак, карыялар ордендерин жаркыратып өтө берди* (Шүкүрбеков).

**ЖАРКЫРОО жаркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРКЫТ жаркы** этишинин аркылуу мамилеси. *Асман жерди жаркыткан, Ачык нуру не болот?* (Тоголок Молдо).

**ЖАРЛУУ I жардуу I** менен бирдей. *Сүйгөн жарлуу жаш жигиттер.*

**ЖАРЛУУ II жардуу II** менен бирдей. *Бул кыштоо элден обочо, эки жагы жарлуу коктуда* (Бөкөнбаев).

**ЖАРЛЫК** Аткарылышы талап кылынган көрсөтмө, жарыя кылынган кабар, кандайдыр бир иштердин аткарылышы милдеттендирилген буйрук. *Буйгат конуп буйткада, Бул жарлыкты укпастан, Калып калган бар бекен* («Эр Төштүк»). *«Кимде ким Каныбекке жардам берсе өлтүрөм» деп Айдарбек датка жарлык бергенине карабай, ушул Эсен аке Каныбекке жардам берген экен* (Жантөшев). *Табылдынын жарлыгын, Баарың толук билгин деп* («Эр Табылды»).

**ЖАРМА I** Ысык сууга талканды чалып, кайнатып жасаган суусундук. *Чолпонбай бир чөйчөк жарма ичти да, малачыны карап калды* (Жантөшев). *Торсойгон кичинекей казанга Батыш жарма жасады* (Байтемиров).

**ЖАРМА II: ооз жарма тай** *к.* **ооз.**

**ЖАРМА III** Кыраан бүркүттүн бир түрү. Сал.: **Ормо.** *Ал эми жарма бүркүттөр бир серпип текөөрүн малганда, мейли түлкү же кийик болсун жарылмайынча калбайт. Ошондуктан жарма деп аталат* (Иман-

кулов).

**ЖАРМА ДОС** Атайын дос болушпаган, досторчо алыш-бериш катышы болбогон, бирок, теңтуштук мамилеси бар. *Ошол күндөн тартып, анын жарма достору көбөйө баштады* («Чалкан»). *Мукан жаш баладай ыйламсырап келаткан жарма досун көргөндө көңүлү таптакыр башкага кетти* (Саатов). **В.: Жарма тааныш.** *Бул кайсы жарма тааныш̧ың? – деп аялымдын кабагы бүркөлө түштү.*

**ЖАРМА ТААРЫНЫЧ** Айтарлык олуттуу себеби жок, майда-чүйдө наарazылык, араздашкандык. *Эки туугандын ортосунда анчамынча жарма таарыныч болсо керек, каттaшпай калышыптыр* («Ала-Тоо»).

**ЖАРМАК** *эск.* Тыйын, жез тыйын, ортосу тешик тыйын. *Ал бирөөнүн тешик жармагына зыян келтирбейт* (Сыдыкбеков).

**ЖАРМАКТАШ** *туурасы:* **жарнакташ.**

**ЖАРМАНКЕ** Белгиленген жерде мезгил-мезгили менен уюштурулуучу соода, товарлар базары. *Көрсө көңүл шат болгон, Жарманкелүү базарым* («Эл адабияты»).

**ЖАРМАҢКЕ** *туурасы:* **жарманке.** *Карпык эки чанач кымызды артынып алып, Каркыра жармаңкесине сатып келчү* (Элебаев).

**ЖАРМАЧ** 1. Алсыз, начар, күч-кубаты жок, шайы жок, араң жан, дарманы жок. *Жармач киши.* ‖ *Эркек козу тигилерден кийин түшкөндүктөн кичирээк жана жармач көрүндү* («Жаш ленинчи»). *Аты жармач жолоочулар буюгуп-тоңуп калган кокустуктар да болгон* («Советтик Кыргызстан»). 2. Колунда жок, турмушу начар, жарды. *Менин ата-энемин оокаты жармач болгондуктан, жайлоого чыгууну билген эмес* (Жантөшев). *Токтогул жармач туугандарын аяды* (Бөкөнбаев). *Колуңдан, келсе кайрылыш, Колунда жок жармачка* (Осмонкул).

**ЖАРМАЧТЫК** 1. Алсыздык, начарлык, күч-кубаты жоктук, дарманы жоктук. *Жармачтык кылып баратсаң, Жандап кирер мен өзүм* («Курманбек»). 2. Колунда жоктук, жетишпеген начар турмушта болгондук, жардылык.

**ЖАРМАШ** 1. Бир нерсени кармап, коё бербөөгө аракет кылуу, бир нерсеге чыгууга аракет кылып тырмышуу, тырмышып асыла кармоо. *Тартайган Бугимов сендиректей түшүп кайра жармашты.* (Сасыкбаев). *Кырк-элүүсү тырмалап, Кара ташка жармашты* («Эр Табылды»). *Ээлигип турган семиз музоо Жылдызкандын жармашканына моюн бербей жулунат* (Байтемиров). 2. Кадала жабышуу, кайта-кайта кайрылуу, ажырабоого аракет кылуу. *Үш- күргөн кыштан мал коркуп, Үйүлгөн чөпкө жармашты* (Осмонкул). 3. Ыкташкан, жанашкан абалда болуу. *Жогору жагы бетке жармаша чыккан балаты карагайлар* (Турусбеков). 4. Жабыла тароо, каптай тийүү. *Саат тогузга жакындаганда гана күн нуру кара асканын бетине жармаша баштады.* (Байтемиров). 5. Бирөөнүн артынан түшүп асылып алуу. *Пейли бузук кузгундар, Бет алып мага жармашты* (Токтогул). *Арзыматтын жакасына жармашып, этегине эрмешип, кекенгенден кекти кантип алуу керек* (Жантөшев). 6. Пайда, болуу же кандайдыр бир нерсеге дуушар болуу, илээшүү. *Ушул аз эле күндүн ичинде Эменге унутчаактык да жармашты* («Ала-Тоо»). *Жоробайга жаман оору жармашканын, Тиги адам билген анык* (Борбугулов).

**ЖАРМАШТЫР жармаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Каныш адатынча уйкучу келинге сөз жармаштырды* (Убукеев).

**ЖАРМАШУУ жармаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРНАК** 1. *тар.* Уурдалып же чаап-талап алынган нерсенин үлүшү, катышуучуга тиешелүү бөлүк. 2. Үлүш кошуп ортоктошуучулук, биргелешип уюштурулган иш. *Тактайчы мужуктарга бөлүп жарнак, Иштедик экөөбүз тең алмак-салмак* (Токомбаев).

**ЖАРНАКТАШ I** Ортоктошуп, биргелешип иштөө, бирөөгө кошулуп жарнак болуу. *Николай эки жылдан бери жалданбай, жалгыз аттууларга жарнакташып дыйканчылыкка киришкен* («Ала-Тоо»).

**ЖАРНАКТАШ II** Өз үлүшүн кошкон үлүштөш же тиешелүү жумушун аткарып берүү милдети менен кандайдыр бир ишке биргелешип катышуучу, ортоктош, шериктеш. *Жарнакташ болуу. Жарнакташы менен макулдашуу.*

**ЖАРНАКТАШУУ жарнакташ** этишинин кыймыл атоочу. *Жарнакташууга кошулуу.*

**ЖАРНАКТУУ** Уурдалып же чаап-талап алынган нерсенин тиешелүү үлүшүнө, жарнагына негизделген. *Жарнактуу доо.*

**ЖАРНАКЧЫ** Өзүнүн үлүшүн кошуп жарнакташуучу, өзүнө тиешелүү ишти иштеп берүү милдети менен биргелешип уюштурган ишке катышуучу.

**ЖАРНАМА I** *диал.* Жарыя күбөлүгү. *Тилди тилге билейлик, тишти тишке кайралык, анан жарнаманы окуйлук.*

**ЖАРНАМА II** *экон.* Сатуу жана кардар табуу максатында товарлардын саны, сапаты, сатуу жол-жобосу тууралуу жарыяланууучу маалымат.

**ЖАРНАМА III** *эск.* Приказ, өкмөттүк кулактандыруу.

**ЖАРОКЕР** *туурасы:* **жароокер.**

**ЖАРОО I** Кындыйган кабырыңкы. *Ичи жароо, эти жадоо торпокторду Ашыр аке короо ортосуна айдап чыгарып, четинде турган экен* (Убукеев).

**ЖАРОО II жара III** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРООКЕР** Адамга мүнөзү жагымдуу,

сүйгүнчүктүү, кишинин ичи-бооруна кирген жайдары, эркеленки шайыр мүнөздөгү, боорукер. *Жамила болсо шайыр, сөзмөр, сүйкайган жароокер кыз* (Баялинов). *Айлуу түндү жаңырта ырдашкандардын арасында да ошол жароокер селкилер* (Үмөталиев).

**ЖАРООКЕРЛЕН** Жагымдуу жайдары мүнөздө болуу, сүйгүнчүктүү, жароокер мүнөз көрсөтүү. *– Атаке!– деди жылмая, ары жароокерденип, ары эркелей сүйлөп* (Убукеев). *– Эжеке ачууланбайсызбы? – деп Мукай жете элек жатып жароокерленип дабыш салды* (Байтемиров).

**ЖАРООКЕРЛЕНҮҮ жароокерлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРООКЕРЛИК** Сүйгүнчүктүү, эркеленки жагымдуу мүнөз, жароокер мүнөз, сапат. *Жароокерлиги менен кишини өзүнө тартуу.*

**ЖАРООКЕРСИ** Жароокер киши сыяктуу көрүнүүгө аракет кылуу, жароокерленген мүнөздө болуу. *Түшүнбөйт, Бүбүш буга таң калгандай, Жалынат, жароокерсип, жаны калбай* (Осмонов). *Жароокерсип сөз айткан, Жарашыктуу Калыйман* («Семетей»).

**ЖАРООКӨР** *туурасы:* **жароокер.**

**ЖАРП: жарпы жазылуу** Көңүлү ачылып, мандайы жарык, жайдары мүнөздө болуу, көңүлү көтөрүлүү. *Ал эми Ташбай андан бетер жарпы жазылып төшүнү кең ачып коёт* (Сыдыкбеков). *Бир күнү жумуштан кийин, отту тегеректеп жарпыбыз жазылып отурганда Данияр дан согуштун жайын сурап калдым* (Айтматов). *Бекиш карыя ушинтип, өзүнчө жыргап, жарпы жазыла каткырды* (Медетов). *Токтогул санаттан, термеден айтып тууган-туушкандарынын жарпын жазууга кириши* (Бейшеналиев). *Балдар менен ойноп алсаң, жарпың жазыла түшөт, жашара түшөсүң* (Жусупов).

**ЖАРТЫ** Бүтүн эмес, толук эмес, жарым, бир бүтүндү экиге бөлгөндөгү бир бөлүгү, теңи. *Эл кыдырып ар жерден, Сурап жедиң жарты нан* (Токтогул). *Капсалаң ийри-буйру цифраларды түшүргөн жарты баракты бүктөдү* (Бейшеналиев). *Бурулуп жарты кадам жакын бардым* (Токобаев).

**ЖАРТЫ ООЗ** Кичине, анча-мынча, болорболбос (кеп, сөз ж.б.). *Биз келип кеткенче, жамандын оозунан жарты ооз кеп чыккан жок* (Сыдыкбеков).

**ЖАРТЫК** *сейр.* Толук эмес, кем болгондук, бүтүн эместик. *Ошого көз арткыдай менин жаным жартык, белим бертик эмес* (Касымбеков).

**ЖАРТЫЛА** Бүтүн болбогон жарты абалга келтирүү, жарымдап бөлүү, кандайдыр бир бүтүн же толтура нерсенин жарымына чейин жеткирүү. *Жартылап сындыруу, Акырдагы чөптү жартылап жеп коюу.*

**ЖАРТЫЛАЙ** Толук эмес, жартылап, жарымдап, аз-аздан, жартысы. *Жаштыктын ширин мөмөсүн, Жартылай бөлүп бир жедим* (Бөкөнбаев).

**ЖАРТЫЛУУ** *туурасы:* **жарытылуу.**

**ЖАРТЫМДУУ** *туурасы:* **жарытымдуу.**

**ЖАРУУ жар V** этишинин кыймыл атоочу. *Бир нече киши ок-дарылардын складын жарууга катышты* (Абдукаримов).

**ЖАРЧЫ** *адаб.* Жар чакырган ырчы же оозеки формада жар айткан киши. Адатта жарчылыкка акындар дайындалган. «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашында Ырамандын Ырчы уулу жарчы болгондугу айтылат. *«Көкөтөйдүн көк туусу, Көтөрүлдү калкылдап, Ырамандын Ырчы уулу, Жар чакырды баркылдап»* («Манас»). *Мен бүгүн аштын жарчысы, Алтын, күмүш жамбыны, Айгырга жүктөп алчусу* (Токтогул). *Жарчысы чоро Ырчы уул, Жалпы журтка ыр баштап* (Маликов). ‖ Кандайдыр бир жаңылыкты эл арасында үгүттөп таратуучу, кабарлап үгүттөөчү. *Токтогул Октябрь революциясынан кийин гана жаңы замандын жарчысы катары алга чыгып ырдады* («Ала-Тоо»).

**ЖАРЧЫЛЫК** Жарчынын кызматы, жарчынын милдети. *Жарчылыкка дайындоо.*

**ЖАРЫ I: төш жары** *к.* **төш.**

**ЖАРЫ II** 1. Кандайдыр бир нерсеге жетишип, кенелип калуу, жетиштүү болуу, марып иши оңоло баштоо, мүчүлүш болбоо, колунда бар болуу. *– Мен – баякы бадачы, Саал карыдым, Бирок таанылгыс жарыдым* (Токомбаев). *Таалайлуу жигит талыбайт, Жалакор адам жарыбайт* (Токтогул). 2. Жарыбагыр *формасында.* Көбүнчө өзүнөн кичүүлөргө же балдарга карата «оңбогур, жакшылык көрбөгүр» деген мааниде айтылат. *– Ой жарыбагыр, сөзүмдү уккуң келбесе билгениңди жасай бергин* («Жаш ленинчи»).

**ЖАРЫГЫ ТИЙҮҮ** Пайдасы тийүү, жакшылык кылуу, аркасы тийүү. *Жок дегенде ошолорго жарыгымды тийгизсем деп тилеп, аргам кетти* (Бердикеев).

**ЖАРЫК I** 1. Көрүү сезимине таасир этип, айлана-чөйрөнү көзгө көрүнө турган абалга келтирүүчү нур, шоола, нурдуу энергия. *Электр сансыз үйгө жарык чачат* (Шүкүрбеков). *Жарымсыз күйгөн оттун жарыгы көрүндү* (Жантөшев). 2. Нур чачырап, шоола чачып же күйүп турган абал, караңгылыкка капталбай, айлана-чөйрө көрүнүп турган мезгил. *Үйдүн ичи уламдан-улам жарык болуп келет* (Жантөшев). *Эми биз, карыялар, жарыкта эптеп үйгө жетип алалы* (Абдукаримов). 3. Жарыгым *формасында, таанд. м. менен.* Көбүнчө балам, кулунум деген мааниде эркелетүү иретинде айтылат. *Камка Мыскал жакка кол создү: – Келчи, жарыгым* (Сыдыкбеков). *Камка көздөрүн сүртүп жатып: – Кагылайын жарыгым,– деди* (Сыдыкбеков). 4. *өт.* Бакыттын, кубанычтын, шаттыктын, маданияттын символу катарында колдонулат. *Таң кашкайып,*

*нур чачып, Жарык берди Октябрь* (Тоголок Молдо). *Таалайдын мунарына чыга турган, Бүт элге дайым ачты жарык жолду* (Токомбаев). *Элибиз чыкты жарыкка, Ильичтин шамы жанды эле* (Осмонкул).

**ЖАРЫК II** 1. Кандайдыр бир сынган нерсенин узатасынан кеткен жиги, изи же эки жакка ажырап ачылып калган жери, жарака. *Муздун жарыгы. Жердин жарыгы.* 2. Дененин айрылган же чатырап жарылып кеткен жери. *Кыдырып жүрүп кыйналып, Таманым жарык чор болду* (Токтогул).

**ЖАРЫК ДҮЙНӨ** Адам баласынын өлгөнгө чейин жашап турган дүйнөсү. *Көп өптөй иниси жарык дүйнө менен кош айтышты* («Кыргызстан маданияты»). *Деги адам баласы жарык дүйнө менен кош айтышканда гана үмүттөн кол үзөт го...* (Исмаилов).

**ЖАРЫККА КЕЛҮҮ** Төрөлүү. *Мурункулары төрөбөй кайра-кайра төшөк жаңырта берип, акыры ушул Кален жарыкка келип бактылуу кылды окшойт атасын* (Акматов).

**ЖАРЫККА ЧЫГУУ** Китеп, журнал, газета ж.б. бетинде басылып, жарыялануу. *Ал эми аларды мактап жазгандар халтура чыгармалары болсо да бастырышып, тандалмаларын, томдуктарды биринин артынан экинчисин жарыкка чыгарышкан* («Кыргызстан маданияты»). *1930-жылдардын ичинде чакан эпостор жарыкка чыкты* («Ала-Тоо»). **В.: Жарык көрүү.** *Биринчи китебине жогоркудай мамиле болгон соң, токтолуп калган, экинчи китеби да жарык көрө элек* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖАРЫКТЫК I** 1. Көбүнчө улгайган, картаң адамдарга карата аёо, боор ооруу сезими менен сыйлоо, урматтоо иретинде. *О, жарыктык! – деди кемпирди колунан сүйөгөн Шамбет* (Сыдыкбеков). *Жарыктык карыя, убараланбай эле олтурсаңызчы* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир көрүнүшкө таң берүү, улуу деп санап кадырлоо, барктоо, ыйык көрүү маанисинде колдонулат. *Мелтиреген жарыктык Белгилүү Соң-Көл көл аман* (Тоголок Молдо). *Олжодо жүргөн Кылкүрөң, Айбандан эстүү жарыктык, Бура тартып, булт койду* («Сейтек»).

**ЖАРЫКТЫК II** Жарык дүйнө, жарыкчылык, жарык турмуш. *Жарыктыкка чыгарды, Жабыккан кыз келинди* (Үсөнбаев). *Караңгы тамда жатканда, Кайрылып элди көрсөм деп, Жарыктыкты тилегем* (Токтогул).

**ЖАРЫКЧЫЛЫК жарыктык II** менен бирдей. *Кедей-кембагалдардын кол-аягы байлоодон бошонуп, жарыкчылыкка аяк баскан* («Эркин-Тоо»).

**ЖАРЫЛ жар V** этишинин туюк мамилеси. *Бир түшкөндө миң бомба, Бирдей түшүп жарылып* (Үмөталиев).

**ЖАРЫЛДА** Бажылдап көп сүйлөө, тынымсыз сүйлөй берүү. *Айшанын жарылдагынан башым ооруп чыкты* («Чалкан»).

**ЖАРЫЛДАК** Бажылдап көп сүйлөгөн, тынымсыз сүйлөй берген.

**ЖАРЫЛДАТ жарылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАРЫЛДОО жарылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРЫМ** 1. Бир нерсенин теңи, экиге бөлүнгөн нерсенин бир бөлүгү, бир бүтүндүн орто жери же жартысы. *Сарыбайдын толгон мүлк, Тең жарымын жүктөдү* («Эр Төштүк»). *Узабастан жарым саат, Нөшөр төктү кардады* (Токомбаев). *Карышкыр тийди короого, Түн жарымы болгондо* (Борбугулов). *Колуна тиер менен жарымына түшүрө жутту* (Сыдыкбеков). 2. Толук эмес, кем, аз, начар, кемчилдиги бар. *Акылы жарым азамат, Алты сом тапса желигет* (Осмонкул).

**ЖАРЫМ АРАЛ** Үч тарабы сууга кирип, бир тарабы гана материк менен туташып турган кургак жер. *Балкан жарым аралы. Апшерон жарым аралы.*

**ЖАРЫМ ЖАН** Алты саны аман эмес, бир мүчөсү кем, майыбы бар, оорукчан. *Жолмо-жол кар кечкен сулуу катуу ооруга чалдыгып, жарым жан болуп калган* (Көчкөнов). *Биз болсок жарым жан кишилерге баш-көз болуп ушул жерде калалы* (Укаев). *Жарым жан бечаранын колунан канча келер дейсиң?*

**ЖАРЫМ-ЖАРТЫ** Анча-мынча, бир аз, толук эмес, толук баалуу эмес. *Жарым-жарты тамчылар эленип түшүп, ак жаанга айланган* (Бейшеналиев).

**ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ** Бүт бойдон эмес, жартылап, толук бойдон эмес, чала-була. *Чанагында буланын жарым-жартылайы калып убара кылат* (Байтемиров). *Жарым-жартылай каражат камдап коюптур* («Чалкан»).

**ЖАРЫМ ПАДЫША** *тар.* Генерал-губернатор.

**ЖАРЫМДА** Теңине жетип калуу, ортолоп калуу, теңдөө. *Жолду жарымдап калдык өңдөнөт. Эгиндин оруу-жыюусу жарымдап калды.*

**ЖАРЫМДАЛ жарымда** этишинин туюк мамилеси.

**ЖАРЫМДАТ жарымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАРЫМДОО жарымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРЫМДУУ** Жарыгандай, ыраазы болорлуктай, жарытылуу. *Жарымдуу деле эч нерсе берген жок* («Ала-Тоо»). *Битин сыгып, канын жалаган сараң досунун колунан жарымдуу бир нерсе чыгаарына ишенген деле жок* (Каимов).

**ЖАРЫМСЫЗ** Канааттандырарлык эмес, жарымы жок, начар, жарытылуу эмес, жарытымсыз. *Жарымсыз күйгөн оттун жарыгы көрүндү* (Жантөшев).

**ЖАРЫМЫ ЖОК** Начар, жарытарлык эмес, берекеси жок. *Үйдүн ичиндеги жарымы жок оттун жарыгы жалп этип өчтү* (Жантөшев).

**ЖАРЫН** Өзүн өзү жаруу, өзүнө бычак уруу, жара тартуу. *Жарынып өлүп бир жолу, Жаш өмүрүм үзөрмүн* («Эр Табылды»).

**ЖАРЫНУУ жарын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАРЫТ жары II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жакшы киши дечү эле, Жакырларды жарыткан* (Токтогул).

**ЖАРЫТЫЛУУ** Жарыгандай, көзгө көрүнөрлүк, алымсынгандай, ыраазы боло тургандай, жетишерлик, жарытымдуу. *Салык суроолорго да жарытылуу жооп кайтарбады* (Каимов). *Тамакты да жарытылуу ичпей калды* (Таштемиров).

**ЖАРЫТЫЛЫКТУУ** *сүйл.* Жарытылуу, жарытымдуу. *Үйдөгү мен жасаган тамактардан деле жарытылыктуу ичпейт* («Чалкан»).

**ЖАРЫТЫМДУУ жарытылуу** менен бирдей. *Жарытымдуу тамак ичпейт.*

**ЖАРЫТЫМСЫЗ жарымсыз** менен бирдей. *Жарытымсыз иш.*

**ЖАРЫШ I** 1. Ат чабуу же жөө жүгүрүү мелдеши. *Жакында жайлоодо эки райондун күлүктөрүнүн жарышы болду* (Каимов). *Жөө жарыштын мөрөйүн, Жана Төштүк алды эми* («Эр Төштүк»). *Талап кылып байгеден, Аттарын салды жарышка* (Тоголок Молдо). 2. Эки адамдын же эки коллективдин иш, спорт ж.б. жагынан бири-биринен ашып кетүү үчүн өз ара мелдеши. *Артыла берет өнөрүң, Балам тартынбай киргин жарышка* (Токтогул). *Вера бир топ спорттук жарыштарга катышып да жүргөн* (Шимеев). 3. Бири-бири менен катарлаш абал, бир багытта кеткен узундугу боюнча катарлаш. *Бул эки сызык бири-бирине карата жарыш.*

**ЖАРЫШ II** 1. Ат чапканда, чуркаганда ж.б. бири-биринен озуп кетүүгө, алдыга чыгып кетүүгө аракет кылуу. *Үзөңгү бутта кагышып, Чаң созулта жарышып* («Курманбек»). *Жөө желдет менен барайын, Бир жарышып калайын* («Эр Төштүк»). *Багалек түрүп жарышып, Кумардан чыгып канышып* (Токтогул). 2. Ишти тез бүтүрүү, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, милдеттенмелерин аткаруу ж.б. максаттарда жеке адамдар, ишканалар, айрым коллективдер ж.б. бири-бири менен өз ара мелдешке чыгуу. *Жайы-кышы мал чарбаны өстүрүп, Жарышканда алыс чыккан мелдештен* (Осмонкул). *Арасына чоң мелдеш, Ачып алып жарышты* (Осмонкул). 3. жарыша *формасында.* Айрым-айрым эмес, чогуу, жабыла, бир мезгилде, жапырт. *Абышкалар кубанычтуулук менен жарыша сүйлөштү* (Жантөшев). *Келиндер жарыша күрөк сайышты* (Сыдыкбеков). *Жарыша кирпич куюшкан тестиер балдар* (Сыдыкбеков).

**ЖАРЫШ III жар V** этишинин кош мамилеси. *Таалайбек отун жарышып, атасына жардамдашты* («Ала-Тоо»).

**ЖАРЫШ СӨЗ** Жыйналышта, конференцияда ж.б. коюлган маселени талкуулоо, пикир алышуу иретинде атайын чыгып сүйлөнгөн сөз. *Директордун докладынан кийин жарыш сөздөр башталды* («Ала-Тоо»). *Сессияда угулган докладдар боюнча жарыш сөздөр башталды.*

**ЖАРЫШТЫР жарыш II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жарыштырып баратат, Жанындагы эрлерди* («Курманбек»).

**ЖАРЫШУУ жарыш II** этишинин кыймыл атоочу. *Жоргосу артып жарышууда* (Маликов).

**ЖАРЫШЧААК** Жарышканды жакшы көргөн, жарышкысы келип турган. *Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк* (макал).

**ЖАРЫЯ** 1. Кулактандыруу, билдирүү, көпчүлүккө угуза айтылуучу же окулуучу кабар. *Анан, квартира берилет деген жарыя каалгаларда көп күн илинип турду* («Ала-Тоо»). *Эмесе айтам жарыя, Угуп тургун калайык!* (Токтогул). *Кана, Орусбектин жазасы болсо, жарыя айт* (Сыдыкбеков). 2. Дайын болгон, даңазаланган. *Жеңижок төккөн ыр менен, Жарыя болгон аккан суу* (Жеңижок).

**ЖАРЫЯЛА** 1. Жарыя кылуу, кулактандыруу, билдирүү, көпчүлүккө маалим кылуу. *Салтанаттуу чогулуш ачык! – деп жарыялады* (Сыдыкбеков). *Ашыр кубанычын койнуна сыйдыра албай жарыялады* (Сасыкбаев). 2. Газета, журнал ж.б. аркылуу берүү, жарыкка чыгаруу. *Комментарийлерди газеталар аркылуу жарыялап жатышат.*

**ЖАРЫЯЛАН жарыяла** этишинин өздүк мамилеси. *Романдын экинчи бөлүмү «Ала-Тоо» журналынын беттеринде жарыяланды.*

**ЖАРЫЯЛОО жарыяла** этишинин кыймыл атоочу. *Декреттин текстин жарыялоо үчүн Иванов ордунан турду* (Сасыкбаев).

**ЖАСА** 1. Кандайдыр бир жумушту иштөө, бүтүрүү, бир нерсени же бир буюмду иштеп чыгаруу, даярдоо. *– Мага бер эми, калганын өзүм жасайын, – деди Жылдызкан* (Байтемиров). *Бир жагында бир тобу, Ылай жасап жатышат* (Турусбеков). *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). 2. Бышыруу, ичүүгө же жегенге бир нерселерди даярдоо. *Торсойгон кичинекей казанга Батыш жарма жасады* (Байтемиров). *Батыш кулчөтай жасап, жыгач табакка салып алып келет* (Байтемиров). 3. Жаратуу, пайда кылуу. *Таалайды элим жасадың, Тамчылап аккан каныңдан* (Бөкөнбаев). *Артта калган оюңду Токто, энеке, Кайта биздер жасарбыз* (Турусбеков). *Кайран өмүр жыйырма беш, Жашка барар болсочу, Кайран жанды кол менен, Жасап алар болсочу* (Токтогул). 4.

Жасалгалоо, коооздоп, иреттеп коюу. *Болор жигит порумдап, Жасап коёт үйлөрүн* (Токтогул). *Айша үйдүн ичин жакшынакай кылып жасап койгон* («Ала-Тоо»). 5. Кандайдыр бир иш процессинин, кыймыл-аракеттин ж.б. аткарылышын, жүзөгө ашырылышын, уюштурулушун билдирүүдө колдонулат. *Тажрыйба жаса. Аракет жаса. Актылар боюнча сводка жасап, колуңузга кармата коюп отура берем* (Убукеев). *Кубанчыңа той жасап, Күлөр чагың, жеңеке* (Нуркамал).

**ЖАСАГАН** Жараткан, кудай. *– А жасаган, – деди Күмүш, – кедейди мынча эмне кор кылып жараттың?* (Баялинов).

**ЖАСАЙЫЛ** Төөгө тартып жүргөн чакан замбирек, топ. *Аскердин алдын жапырып. Жасайылды жаткырып* («Манас»).

**ЖАСАК** Кол, аскер. *«Чуу куйрук» деген сөз үчүн бир уруу экинчи уруу менен жасакка да чыгышты.* (Токомбаев).

**ЖАСАКЕР** Айыбын жууштун аракетинде болгон, жагынгысы, жакшы көрүнгүсү келген. *Жасакер күлүп, жайгарып жанаша келип отурду* (макал).

**ЖАСАКЕРЛЕН** Жагынуу, жакшы көрүнүүгө аракеттенүү, айыбын жуушка аракет кылуу. *Шарип тамашалап жасакерленип жатып, Андрееваны зорго жумшартты* (Бейшеналиев).

**ЖАСАКЕРЛЕНҮҮ жасакерлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАСАКЕРЛИК** Жагынгандык, жакшы көрүнүүгө аракеттенген мамиле, айыбын жуушка аракет кылгандык.

**ЖАСАКӨЙЛӨН жасакерленүү** менен бирдей. *Жутаке жасакөйлөнө баштады* (Жантөшев).

**ЖАСАЛ жаса** этишинин туюк мамилеси, *Бөлмөнүн түндүк тарабына тактайдан секиче жасалган* (Жантөшев).

**ЖАСАЛГА** 1. Кооздоо, шаанилүү, иреттүү түргө келтирүү үчүн зарыл болгон буюмдар, ар кандай жабдуулар. *Кайсы бирлери атайылап эле токтой калып, илинүү турган жасалгаларга бир сыйра көз жүгүртүп чыгышат* (Абдукаримов). *Колхоз бардык жасалгасы менен жасап алты арабаны жөнөттү* (Сыдыкбеков). 2. Салтанаттуу, шаанилүү түргө, тартипке келтирилген абал, көркөм, кооз түргө келтирилген көрүнүш. *Стол үстүндөгү жасалга абдан сонун* (Жантөшев). *Завод алды кенен аянт, жасалга: плакаттар, ураан, ардак такталар* (Токомбаев).

**ЖАСАЛГАЛА** Кооздоо, көрктүү, кооз көрүнүшкө келтирүү. *Андрей ревкомдун канцеляриясын жасалгалады* (Сасыкбаев).

**ЖАСАЛГАЛАН жасалгала** этишинин туюк мамилеси. *Көчөлөрдө туулар желбиреп, шаар ичи адаттагыдан тышкары жасалгаланган* («Жаш ленинчи»).

**ЖАСАЛГАЛАТ жасалгала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАСАЛГАЛОО жасалгала** этишинин кыймыл атоочу. *Клубдун ичин жасалгалоо. Майрамга карата үйлөрдү жасалгалоо.*

**ЖАСАЛГАЛУУ** Жасалгасы мыкты, кооздолгон, жабдылган, жасалгаланган. *Сонун жасалгалуу боз үй* (Жантөшев). *Бугимовдор терезелери көчөнү караган жасалгалуу ээн бөлмөгө киришти* (Сасыкбаев).

**ЖАСАЛМА** Табигый эмес, тубаса эмес, чыныгы эмес, адам колунан жаралган, атайын жасалган. *Мындай жасалма көлмөлөрдү жергиликтүү калк хауз деп атайт* (Абдукаримов). *Балдардын колунан тургузулган жасалма дөбөчө* (Каимов). *Күч менен чыккан жасалма күлкү, кошомат күлкүсү* (Сыдыкбеков).

**ЖАСАН** Кооздонуу, өзүн кийим-кече жана башка жасалгалар аркылуу көрктүү, кооз көрүнүшкө келтирүү. *Кийинишкен, жасанган, Кыздарды көп карасам* (Үмөталиев). *Соня жасанып, Сергейди шынаарлап калыптыр* (Сасыкбаев).

**ЖАСАНТ жасан** этишинин аркылуу мамилеси. *Куржундагы, артык кийимдеринен алып жасантып коюшту* (Бөкөнбаев).

**ЖАСАНУУ жасан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАСАТ I** 1. Дене, келбет, бүткөн бой. *Чачың тал-тал жибектей, Жасатың тарткан сүрөттөй* (Тоголок Молдо). *Жасатын жерден алган – деп Кериде калып жасатым, Кузгун чукуп көзүмдү* («Манас»С.О.). 2. Сөөк, өлүк. *Жасатын көрдүм Лениндин, Жаркыган сарай өзүндө* (Тоголок Молдо). *Ошого катарлаш коюла баштаган алардын жасаты* (Даникеев).

**ЖАСАТ II жаса** этишинин аркылуу мамилеси. *Башына кызыл көрпөдөн тумак жасаткан* (Жантөшев).

**ЖАСАШ жаса** этишинин кош мамилеси. *Ырдап чуркайт, Мен жасашкан Тасмадай жолго* (Токомбаев).

**ЖАСМИН** Сабактары анчалык чоң эмес, жыттуу ак гүлдөрү бар декоративдик өсүмдүк, бадал.

**ЖАСОО I** *тар.* Кол, аскер. *Жаштык кылып ээликпей, Жасоону калың табыңар* («Эр Табылды»). *Сен жарагың болсо жамдап чык, Жасооңду бөлүп камдап чык* («Эр Табылды»).

**ЖАСОО II жаса** этишинин кыймыл атоочу. *Бекжан жети-сегиз айдын ичинде көп нерселерди жасоого үйрөнүп калды* (Абдукаримов).

**ЖАСООЛ** *тар.* 1. Болуштун жигити, айыл аткаруучу. *Кызыл-Кыяга келген бий, болуш, жасоолдор гана Карпыктыкында болуучу* (Элебаев). *Жардынын минип чологун, Салуучу бүлүк жасоолдор* (Турусбеков). 2. Падышалык Россиядагы жөө аскерлердин капитанына барабар келген офицердик чин.

**ЖАТ I** 1. Бөтөн, чоочун, башка, өз эмес. *Сырыңды айтып сүйлөшпө, Таанybаган*

*жат менен* (Барпы). *Жат үн сырттан угулду* (Жантөшев). 2. Душман, кас. *Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман* (макал). *Менден жакын асырайт, Кан төгүшкөн жатымды* («Курманбек»).

**ЖАТ II** Көңүлдө, эсте толук сакталган, унутулгандай абалда эмес, унутулбаган, ойдон кеткис. *Бул окуя мага жат, күнү бүгүнкүдөй эсимде турат* («Ала-Тоо»). // Жатталган, жаттап эске туткан, эч нерсеге карабай шыр айткан. *Ооба, сен экөөбүз аны жат билебиз* (Айтматов). *Көңүлдү койсо бир ишке, Көкүрөккө жат болот* («Ала-Тоо»).

**ЖАТ III** 1. Горизонталдык абалда болуу, бир нерсенин үстүнө тикесинен турбастан узунунан түшкөндөй, боортоктогондой, же жыгылгандай абалда болуу (адам же башка жаныбарлар жөнүндө). *Кыбырап же солк этпей Кадыр жатат жалдырап* («Мендирман»). *Чылым чегип тыныгып, Керебетте жатканда* (Маликов). *Ар жагында күшүлдөп, Аркандалуу уй жатат* (Турусбеков). 2. Белгилүү бир жерде, орунда болуу, бар экендиги белгилүү болуу. *Көптөн бери ушул саатты күткөндөй столдун тартмасында жаткан кызыл блокнотун алып чыкты* («Кыргызстан маданияты»). 3. Кандайдыр бир жерде, жайда болуу, бар экендиги белгиленүү, белгилүү бир абалда, жагдайда болуу. *Кезектеп айтып жатышты, Душмандын кайда жатканын* («Мендирман»). *Көбүктөн чакмак алгандай, Өзөн суу жатат шаркырап* («Мендирман). *Бөтөлкөдө жай жатат, Ичиңе кирсе чаңдатат* (Шүкүрбеков). 4. Жапырылуу, жыгылып, ыгып калуу. *Шалы жатып калыптыр – муну оруу оңой эмес* (Абдукаримов). 5. Түнөө, конуу, конуп-түнөп бир жерде болуу. *Кабагын түйгөн сараңдын, Үйүнө барып жатпагын* (Осмонкул). *Айыгасың семиресиң, күч аласың, Ал жерде жайдын күнү бир ай жатсаң* (Шүкүрбеков). *Шаарда беш күн жаттым.* ‖ Уктоо, уйкуга баш коюу. *Айыл жаткан, түн ортосу, Жан-жаныбар тынч алып* (Бөкөнбаев). 6. Таандык болуу, тиешелүү болуу. *Мына бул төрөчүлүккө жатабы? Ушул да адамкерчиликке жатабы?* 7. Атоочтук жаткан формасында аныктооч болуп түшкөндө «барып турган», «абдан», «жеткен», «ашкан» деген мааниде колдонулат. *Жаткан бир амалкөй. Жаткан кыйын. Жаткан ушакчы.* 8. Негизги этиштер менен бирге айтылып, татаал этиштерди уюштуруучу көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Жардын алдында күбүрлөнүп суу агып жатат* (Байтемиров). *Жалгыз караан келе жатты* (Бөкөнбаев). *Мунун баарын менин элим, Куруп жатат, курушат* (Токомбаев).

**ЖАТ ЖАЗУУ** Жазуу эрежелери боюнча окуучулардын билимин текшерүү максатында белгилүү бир текстти жаздыруу жолу менен жүргүзүлүүчү жазуу иши, диктант. *Окуучулардын жат жазууларын текшерүү.*

**ЖАТА КАЛУУ** *к.* **жантыгынан жата калуу.**

**ЖАТА КАРЫН** Карды салаңдаган, курсактуу, ичи чоң. *Жалама тоодон теке аткан, Жата карын эчки аткан* (Тоголок Молдо).

**ЖАТА КОНОК** Конуп калуучу, түнөп кетүүчү, тез эле кетип калбай турган конок, мейман. *Жата конок болуу.*

**ЖАТАГЫНА ЧЕЙИН БИЛЕТ** *к.* **коён жатагына чейин билет.**

**ЖАТАК I** 1. Түнөк, жатууга арналган жай, жата турган жер. *Бөдөнөнүн жатагын көр да, этине таарынба* (макал). 2. Дайыма жайы-кышы жашай турган жай, жайлоодон көчүп кетпей жашай бере турган жер. *Ушул дөңдүн түбү – Кабылдын жатагы* (Элебаев). *Эл жатакты көздөй шашыла бастырышат* (Бейшеналиев). *Жемиш жейт элем деп жатакта калгыча, Айсараланы алкынтып ашуу ашам* (Сыдыкбеков). *3. аңч.* Андын ар убак жатуучу көнгөн жери, ийини, чээни. 4. Жалкоо, жатып ичер. *Бул мүнөз жалкоолуктан болгон мүнөз, Жан аяп, жалкоо жүргөн көп жатак бар* (Тоголок Молдо). 5. Аялдар эркек балдарга карата жактырбоо иретинде айтылуучу жеме сөз. *Какшаган жатак байкап айт, Кайнатамын шоруңду* (Осмонкул).

**ЖАТАК II** *диал.* Жаталак. *Эшектин, жүгү жеңил болсо жатак болот* (макал).

**ЖАТАКАНА** Көбүнчө бир ишканада иштеген адамдар же бир окуу жайында окуган окуучулар жашап тура турган үй, жай, имарат. *Сабира бой жумушчуларга арналган жалпы жатаканада турат* (Сасыкбаев). *Жатаканага кеч бардык* (Касымбеков). *Экөөбүз анын жатаканасынан чыктык* (Шимеев).

**ЖАТАККАНА** *туурасы:* **жатакана.**

**ЖАТАКТА** 1. Түнөө, жатуу, жатак катарында пайдалануу. *Арасын коён жатактап жүрүүчү эле дешет* (Сыдыкбеков). 2. Дайыма белгилүү бир турак-жайда болуу, жатакта калуу. *Асан карыя менен Сатылган дайыма бир жерди жатактаган* (Токомбаев).

**ЖАТАКТОО** **жатакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАТАКЧЫ** *тар.* Жайлоого көчүп кетүүгө малы же башка мүмкүнчүлүгү болбогон, өз жатагында калууга аргасыз болгон кедей, жайында жатакта калуучу. *Каныбек жакын арадагы ылым санашкан жатакчыларды чакырды* (Жантөшев). *Сен анда жылаңайлак, жатакчынын кызы элең* (Айтматов). *Кылычбек болуш тилмечи жок жалгыз келген соң, өрөөндүктүн айтканын оодара берсин деп жатакчы Эгинчини чакыртпайбы.* (Абакиров).

**ЖАТАКЧЫНЫН ИТИНДЕЙ (ЧУУЛДОО)** Баш аламан, иретсиз, туш келди сүйлөй берүү, ызы-чуу болуу. *Жатакчынын итиндей чуулдабай тынчтангыла, – деди төр*

*жактан бирөө* («Ала-Тоо»).

**ЖАТАЛАК** 1. Бир жатып, бир туруп ооналактаган жылкы оорусу. *Адамга чычалак жарашпайт, атка жаталак жарашпайт* (макал). *Чычалак көнөт, жаталак өлөт* (макал). 2. *өт.* Чыдамсыз, жеңил, көтөрүмү жок. *Чабал жигит белгиси, Чарчап кеткен эмедей. Бак консо болот жаталак* (Осмонкул).

**ЖАТАЛАКТОО жаталакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАТАЛЕКЕЙ** *диал.* Жата калма адат. *Жаталакейиң кармап турат го, эс алып ал.*

**ЖАТКАЙТ** Күндүн батканы, бул сөз күнгө карата айтылган. *Жаткайт болгон кезде анын жаны кайрадан көзгө көрүндү* (Станалиев).

**ЖАТКАН ЖЕРИ ЖАЙЛУУ БОЛСУН** Өлгөн адамды эскерип, ага карата жакшы ниетин билдирүү маанисинде колдонулат. – *Музооке... Жаткан жери жайлуу болсун! Өңгөлөр унутулар. Музоокенин даңазасы унутулбас* (Бейшеналиев). *Ичи кенен, адамда жок айкөл эмес беле, жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун.*

**ЖАТКЫЗ жат II** этишинин аркылуу мамилеси. *Эки күнү бир жерге, Жаткызбай айдап баратат* (Токтогул).

**ЖАТКЫР жаткыз** менен бирдей. *Азыр Манас келер деп, А күнү кайра жаткырды* («Манас»).

**ЖАТКЫРА ЧАБУУ** Анча-мынча жазалап коюу, коркутуу маанисинде (көбүнчө балдарга карата) колдонулат. *Жаткыра чапчы, өтүп кетти ушунуку, – деди балага ачуусу келип.*

**ЖАТТА** Текстти, айтылган сөздү, ырды ж.б. ошол түрүндө эсинде толук сактап калуу, жат айтып бере алгыдай болуп эсинде сактоо. *Унутпаска улам ырды кайталап, Үн чыгарып, унутпаска жаттадым* (Токомбаев). *Карылардан калган сөз, Каттай жаттап алган сөз* («Семетей»).

**ЖАТТАЛ жатта** этишинин туюк мамилеси. *Ардагы болуп кыргыздын, Далай ойдо жатталдың* (Үмөталиев),

**ЖАТТАТ жатта** этишинин аркылуу мамилеси. *Декламацияны Нина Леонтьевна эжеке жаттатты* (Сыдыкбеков).

**ЖАТТОО жатта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАТТЫК I** 1. Бөлөк-бөтөндүк, чоочундук, башкалык. 2. Душмандык, кастык.

**ЖАТТЫК II жатык II** менен бирдей. *Анчалык жаттыгып черте элекмин* (Жантөшев).

**ЖАТУУ жат III** этишинии кыймыл атоочу.

**ЖАТЫК I** 1. Сыпайы, сылык, орой эмес, кичи пейил, элпек. *Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол* (макал). *Абдан жатык. Сыпайы, маданияттуу да мамиле кылат* (Убукеев). 2. Көркөм, куюлушкан, кулакка угумдуу. *Карынын тили жатык, укканга сөзү түгөнбөйт* (Баялинов). *Үнү бийик, тили жатык* (Сыдыкбеков).

**ЖАТЫК II** Кандайдыр бир ишке, бир нерсеге машыгуу, көнүгүү, маш болуп, үйрөнүп кетүү. *Түрдүү сөзгө тили жатыккан кыз-келиндер.* ‖ Көнүмүшкө айлануу, үйрөнүшүп, үйүр алып калуу. *Улак балдардын көзүнө да жатыгып, өгөйлөөдөн оолактады* (Бейшеналиев).

**ЖАТЫКТЫК** 1. Сыпайылык, сылыктык, кичи пейилдик, элпектик. *Жакшы болсо ургаачы, Жатыктыгын ылгачы* (Тоголок Молдо). 2. Кулакка, жагымдуулук, көркөмдүк, уккулуктуулук, жөнөкөйлүк. *Жазылган аңгеменин жатыктыгы жагат.*

**ЖАТЫКТЫР жатык II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАТЫН I** Түйүлдүк же түйүлө баштаган жаңы организм өнүгө турган аялдардын же ургаачы жаныбарлардын ички жыныс мүчөсү. *Жатындан жарып чыкпаса, Бакма бала курусун* (Токтогул). Эне. *Табылды Зарыл экөө бир жатындан эмес* (Сыдыкбеков). *Бир жатындан туулуп, Бир уядан жем жеген* (Бөкөнбаев).

**ЖАТЫН II** *аңч.* Мылтыктын дүрмөттөлгөн жез салынуучу оюгу.

**ЖАТЫНДАШ** Жатыны бирге, бир энеден туулган, уялаш, энеси бир. *Жатындаш тууган иним жок, Жон куйүп издеп барганга* (Токтогул). *Жатындаш инисинин жамандыгын билбей Кыдырбай Батийнага кине коё албайт* (Сыдыкбеков).

**ЖАТЫНЫ БАШКА** Бир энеден төрөлбөгөн, уялаш эмес. *Ал экөөнүн жатыны башка.* **В.: Жатыны бөлөк.** *Жатыны бөлөктү жамаса болбойт* (макал).

**ЖАТЫП ИЧЕР** Өз алдынча эмгек кылбай бирөөнүн эсебинен жашаган, бекер оокатка көнгөн, жалкоо, арам тамак. – *Бирок, ошол калың кедей жатып ичер байларга каршы жапырт козголушу керек* (Эсенкожоев). *Ал окууга өптөй ойрондоп келген, жатып ичер, жан бакты* (Тойбаев). *Арам гана жатып ичер, Кеңирсип мунун жатканын көр* (Борбугулов). *Ошентип, жатып ичер жата берди, Таш үйүп жалпак үйдүн чатырына* (Токомбаев).

**ЖАТЫП ИЧЕРЛИК** Бирөөнүн багуусунда болуучулук.

**ЖАТЫРКА** Чоочун сезилүү, чочуркоо, үйүр ала албай жатсынуу, жат көрүү, көнүгө албоо, алыстоо. *Акбар жатыркап уктай албай ооналактады* (Убукеев). *Чоролор менден жатыркап, Чочуп качар эбиң жок* («Семетей»).

**ЖАТЫРКАТ жатырка** этишинин аркылуу мамилеси. *Жатыркатып жанына жолотпоо.*

**ЖАТЫРКОО жатырка** этишинин кыймыл атоочу. *Баягыдай жатыркоо жок, күн өткөн сайын бир айылдын тууган кишиле-*

*риндей таттуулук түзүлдү* (Сыдыкбеков).

**ЖАХАН** Дүйнө, аалам, жер жүзү. *Ал уулум баатырлардын баатыры эле, Жаханга жалын чачкан кызыл туудан* (Токомбаев).

**ЖАХАННАМ** Тозок, кыйноо жайы. *Жакында жалган ханды мына өзүбүз өз колубуз менен банд кылабыз, өз колубуз менен жаханнамга кетиребиз* (Касымбеков).

**ЖАХИЛ** Динсиз, сабатсыз, түркөйлүк, билимсиздик. *Пикирсиз наадан элди ойгото көр, Тукумун жахилдиктен жогото көр* (Эмилов).

**ЖАХУТ** *туурасы:* **жакут.** *Аппак этиң чүштөдөй, Тишиң тизген жахуттай, Тырмагың аппак акактай* (Тоголок Молдо).

**ЖАШ I** Дүүлүккөн, ооруксунган абалда же ыйлаганда көз чанагындагы бездер аркылуу бөлүнүп чыгуучу туздуу келген тунук суу сыяктуу суюктук. *Жылдызкандын көздөрүнө жаш толуп, муунуп араң турат* (Байтемиров). *Анархан менен Сакадай көз жаштарын көл кылып, караанды акмалап баратат* (Жантөшев).

**ЖАШ II** Адамдын өмүрүн бир жыл боюнча эсептөө ченеми, бир жыл мөөнөтүндөгү өмүр чени. *Фатима он үч жаштагы кезинде согуш башталып, бүлүк түштү* (Сасыкбаев). *Ошол күндө баатырың Жыйырма үч жашында* («Манас»). *Мен өстүм, жаш көбөйдү, сен көгөрдүң* (Осмонов). ‖ Жашоо мезгили, өмүр, көрө турган күн. *Жети күндүк жашым бар* (фольк.). *Ыргып кетет башыңыз, түгөнүп калат жашыңыз* (фольк.).

**ЖАШ III** 1. Өсүп келе жаткан өспүрүм, кары эмес. *Келиптир кары, жашы калышпастан* (Үмөталиев). *Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка* (макал). *Окуудан дем алышка кайткан жаштар* (Сыдыкбеков). *Шахтада машинисттер, бекиткичтер ылгый жаштардан* (Сасыкбаев). 2. Чоңоё элек, кичинекей, өсүп жетиле элек. *Эмчектеги жаш бала, Алар замат ыйлады* (Тоголок Молдо). *Жаңы тууган бээлерге, Жаш кулундар телчиген* (Тоголок Молдо). *Жаш дарактын шагын бирөө күбүп жаткандай көрүнөт* (Байтемиров). // Жетиле элек, күчүнө келе элек. *Бозосу жетиле элек жаш экен.* 3. Жаңы. *Жаш кар аңчылык үчүн абдан ыңгайлуу* (Байтемиров). *Жийдегүл жаш төрөгөн* (Сасыкбаев). *Тамак салып жешкен окшойт, жаш шорпонун жыты буруксуйт* («Ленинчил жаш»).

**ЖАШ АЯЛМЕТ** Бала-чакалуу, жаш балдары көп. *Айтпадымбы. Түбүбүз биргеликтен түтпөдүм. Жаш аялмет сага убал болчудай* (Бейшеналиев).

**ЖАШ ИРМЕ** Көзүнөн жаш чыгаруу. *Ашыгы, кан майданга жөнөгөндө, Ичинен бакыт тилеп жаш ирмеген* (Осмонов).

**ЖАШ МУУН** *к.* **илгери муун.**

**ЖАШ ЧАЮУ** Көзүнө жаш алуу, жаш каптоо. *Назгүл карагат көзүн жаш чайып турса да, күлүмсүрөп тиктеди* (Бейшеналиев). *Динардын көздөрүнүн кычыктары ачышып, каректерин жаш чайыды* (Сыдыкбеков).

**ЖАША** 1. Өмүр сүрүү, тирүүлүктө болуу, өмүр жолун улантуу, белгилүү бир жашка чыгуу. *Көп жашап, азды көргөн элет адамдарынан экендиктери үчөөнүн тең кебетелеринде турат* (Сыдыкбеков). *Карысам да өлгүм келбейт. Менин да жашагым келет!* (Абдукаримов). *Атаны арман карылык, Алтымыш жашап карыдык* (Токтогул). // Жок болуп кетпөө, өсө берүү, өсүп-өнүгүү. *А кээ бир адамга пайдасыз тикендер узак жашайт* (Сыдыкбеков). ‖ Унутулбоо, сакталып калуу. *Түбөлүк жашап каласың, Эмгегиң сиңсе заманга* (Шүкүрбеков). 2. Белгилүү бир жерде туруп калуу, турмуш-тиричилигин өткөрүү. *Ата-энем ал жакта жашап калышкан* (Жантөшев). 3. **Жаша, жашасын** *формаларында.* Ийгиликтерге жетишүүсүнө, гүлдөп өнүгүшүнө тилектеш экендигин билдирүү, куттуктоо, алкоо, даңазалоо, ураан чакыруу маанисинде колдонулат. *Жаша, гүлдө, Кыргызстан, Жаркыраган чыгыштан!* (Үмөталиев). *Жарык нурду көрсөткөн Ленин жолу жашасын* (Тоголок Молдо). 4. **жашабагыр** *формасында.* «Жарыбагыр, оңбогур, узабагыр» деген сыяктуу тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат. *Күмүш жеңем жашабагыр деп, күндө үч убак тилдеген* (Бөкөнбаев). *Муну көрсөң, жашабагыр!*

**ЖАШАБАЙ ЖАТЫП** Көбүнчө тилдөө жекирүү маанисинде балдарга, жаштарга карата айтылат. *Жашабай жатып башкы врачтын колтугуна кирип алганын карасаң* (Бердикеев). *Бактылуу кул экенсиң, жашабай жатып, баарын көрүп келдиң* (Абдукаимов). *Жашабай жатып мунун жандимилигин кара* (Жигитов).

**ЖАШАМАЛ** Бир топ жашка келип калган, улгайыңкы. *Жашамал аял көрүнсө, Жайын айтат эне деп* (Осмонкул).

**ЖАШАҢ** Ката элек, жумшак көк чөп, жайкалган көк. *Арыктагы суунун шарапаты менен жашаң кайрадан күдүрөйө дагы өсүптүр* (Касымбеков). *Ашуунун ары түшө калыш жери көк жашаң эле* (Баялинов).

**ЖАШАҢДУУ** Көк жашаң чөптүү, жайкалган көк чөбү бар. *Жашаңдуу чөптөн чайнаган, Айгыры зоот жулкунган (*Осмонкул). *Суунун жээги жашаңдуу, бадалдуу жашыл токой* (Касымбеков).

**ЖАШАҢЧА** Көк жашыл чөптүү жер, жашаң чөптүү кичирээк аянтча. *Карган эшек сур такайын эмизип, Жашаңчага жатмак болуп бүжүңдөйт* (Токомбаев).

**ЖАШАП КАЛГАН** Улгая баштаган, бир топ жашка барган. *Жашап калган жоокер, кыздын чыйрак сөзүнөн улам жымыйып калды* (Нааматов). *Жашап калган адам. Айшанын атасы жашап калган киши экен.* **В.: Жашы келип калган.** *Жашыңыз келип*

*калган менен, көкүрөгүңүз тунук, оозуңузда осуятыңыз бар* (Егиналиев).

**ЖАШАР I** Белгилүү бир жашка чыккан, белгилүү бир жашта. *Уруя деген так Жылдызкандай он үч жашар кыз* (Байтемиров). *Он жашар жалгыз баламды, Ойлонуп күндө сагындым* (Токтогул).

**ЖАШАР II** 1. Жаш болуу, мурдагысынан бир кыйла жаш көрүнүү. *Сексендеги Байымбет, Жигит болуп жашардым* (Тоголок Молдо). *Эркекыз жашарып кетти* (Байтемиров). 2. Жаңыруу, жаңы түргө келүү, жаңыча болуу, жаңыланып өзгөрүү. *Эмне үчүн кишилер карыйт, турмуш жашарат?* (Сыдыкбеков). 3. Жаңыдан көгөрүү, жашылдануу, жашыл түргө бөлөнүү, бүр байлоо, көк жашаң чөп чыгуу. *Жер жаандан кийин кулпунуп жашара түштү* (Бейшеналиев). *Бактын да жашарып турганы сонун белем* (Сыдыкбеков). *Жазда баары жашарып, Байчечекей гүл ачты* (Тоголок Молдо).

**ЖАШАРТ жашар II** этишинин аркылуу мамилеси. *Кубарган жерди жашартып, Гүл чачкан сенсиң, Октябрь* (Бөкөнбаев).

**ЖАШАРУУ жашар II** этишинин кыймыл атоочу. *Жаз күнүнүн мээриминен улам айлана жашарууда.*

**ЖАШАРЫН ЖАШАП, ИЧЕРИН ИЧКЕН** *к.* **жээрин жеп, ичерин ичкен.**

**ЖАШАТ жаша** этишинин аркылуу мамилеси. *Батыракты жашаткан, Кеңеш өкмөт чоң жолу* (Барпы).

**ЖАШАЯЛМЕТ** Жаш балдары көп, жаш бала-чакалуу. *Чабан жаш аялмет киши, үйдү таштап алыс кете албайт* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАШОО I** *филос.* Болмуштун жана анын маани-маңызын, бардык түрдүү нерселердин, буюмдардын, учурлардын, түшүнүктөрдүн өз ара байланыштардын, өзгөрүүлөрүн жана аракеттенишүүлөрүн бириктирип турган онтология түшүнүгү болуп эсептелет.

**ЖАШОО II жаша** этишинин кыймыл атоочу. *Эмгек – ырыс, жашообуздун булагы, Эркин ойноп, эмгектенип гүлдөйбүз* (Осмонкул).

**ЖАШООРУ** Көзүн жашылдантып жалооруй кароо, ыйламсыроо, көзүнөн жаш кылгыруу. *Саадаткан турду жашоорup, Кулпунган өңү бозоруп* (Барпы). *Жарк этип күлүп койбосоң, Жашооруйм, кээде жабыгам* (Маликов).

**ЖАШООРУТ жашоору** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАШООРУУ жашоору** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАШСЫН** Өзүн жаш катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, кандайдыр бир аракети менен жаш экендигин билдирүүгө тырышуу. *Жашсынып төмөнүрөөк жерден орун алды.*

**ЖАШСЫНТ жашсын** этишинин аркылуу мамилеси. *Ашыр Кузьманы Егордон көрө жашсынтып, батынып сүйлөшө турган болду* (Сасыкбаев).

**ЖАШСЫНУУ жашсын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАШТА** Көзүнөн жаш чыгаруу, көзүнө жаш алуу, жашын агызуу. *Бай акеси алдында Чыйырды көзүн жаштады* («Манас»). *Чыдабады кары, сакалын жаштап ыйлап жиберди* («Ала-Тоо»).

**ЖАШТАЙ** (жаштайынан). Жаш кезинде, жаш чагынан. *Сүйлөшпөйт эч ким менен жерди карайт, Сүйгөнү жаштай өлүп айрылгандай* (Үмөталиев). *Кебек жаштайынан бери эмгекке соктуккан, күнгө күйүп, шамалга бышкан* (Байтемиров).

**ЖАШТАШ** Жашы бирдей, жашы тең. *Бектай Кычан менен жашташ* (Бейшеналиев). *Ал сени менен жашташ болучу* (Токомбаев).

**ЖАШТОО жашта** этишинин кыймыл атоочу. *Эки көзүн жаштоодо.*

**ЖАШТУУ** 1. Көзүндө жашы бар, жаш чыккан. *Анархан жаштуу көзү менен суз гана карады* (Жантөшев). 2. Тез ыйлап жибере турган, ыйлаак, жашык. *Жаш туруп дегеле көзүң жаштуу экен.*

**ЖАШТЫК** 1. Жаш кезек, жаш чак, өспүрүм убактан тартып улгая баштаганга чейинки курак. *Алтын жаштык кандай сонун!* (Жантөшев). *Баары кымбат жаштыктагы кылган иш, Жаштык өтөт, кылганыңдан калат из* (Токомбаев). *Арман менен өткөрдүм, Абалкы жаштык күнүмдү* (Токтогул). *Жыл ойногон, ой ойногон ашыктык, Жаштык сырын жаш жүрөккө түйгөндүк* (Тыныстанов). 2. Өсүп жетиле электик, турмуш тажрыйбасы жоктук, көнүгө электик. *Сейит жаштык кылбайт, үйгө каралашып, оокат кылып турар* (Абдукаримов). *Жылдызкан өткөн жылы пахта терүүдө жаштык, чабалдык кылган* (Байтемиров).

**ЖАШУУ жашы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАШЧЫЛЫК** 1. Жаштык, жаш кез, жаш чак, акыл токтото элек, оюн-күлкүлүү курак. *Жароокер сулуу кыз сүйсөң, Жашчылыгың бир кызык* (Токтогул). *Күндө үч убак май берип, Сыйласаң келбейт жашчылык* (Токтогул). 2. Жаш кезге таандык сапаттар, мамилелер. *Жашчылык жөнү ушундай, Жакшы эле бейкам киши эле, Жашып кетти Олжобай* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жашчылык жышаан экенин Жаш жүрөгү сезгендей* (Маликов). *Жашчылык ырын ырдатат, Ай жарык сулуу түндөрдө* (Шүкүрбеков).

**ЖАШЫ** 1. Мууну бошоп ыйлагысы келүү, зээни кейүүдөн, толкундоодон ж.б. мууну бошоп кетүү, ыйлап жибере жаздоо, көзүнө жаш алуу. *Жетимди көрсөм жашыймын, Муунум бошоп тура албай* (Барпы). *Батыш жашып кетти, шилекейи алкымы-*

*на кептелип, сөз айта албай муунду* (Байтемиров). *Менде муң жок, кубангандан жашыдым, Эсендигин көрүп алтын башыңдын* (Токомбаев). 2.Оорудан, арыктоодон, катуу кыйналуудан ж.б. эти бошоо, жумшаруу, бошоң тартуу, бөлбүрөк абалга келүү. *Көп тердеген адамды эти жашып айыгарына көрүндү дешкен* («Ден соолук»). ‖ Даамы кетип, супсак болуп калуу (көбүнчө жашык этке карата). *Кыйналып көп жаткандыктан эти жашып калыптыр.* ‖ Мурдагы кайратынан, курчунан ж.б. кайтуу, бошондоп калуу. *Эр кайраты жашыды* («Эр Төштүк»). *Көзүмдүн курчу жашыды* (Токтогул). 3. Отко салып ысытуудан улам мурдагы катуу абалынан жумшарган, ийилчээк абалга келүү (көбүнчө металлдарга карата). *Кызарган темир жашыды. Жашыган темирди уста чапкылап кирди.* ‖ Курчтук сапатынан ажырап, майышчаак, өткүрлүгү жоголгон абалга келүү. *Как жасайбыз деп алма кескен бычак жашып калыптыр.*

**ЖАШЫ ЖЕТПЕГЕН** Мыйзамда белгиленген жашка жете элек, эресеге жетпеген.

**ЖАШЫК** 1. Абдан арык, даамы жок, супсак (эт жөнүндө). *Жашык этти жемек түгүл көргөн киши иренжий турган* («Чалкан»). 2. Болор-болбос нерсеге мууну бошоп кетүүчү кайратсыз. *Ушундай да жашык киши болобу?* (Жантөшев). *Кой, кейибе, Зулайка, Жаш кезде жашык болчу эмес* (Турусбеков). *Жаманчылык кимдин жанын кейитпейт, Жашык болсоң кайрат күчүң эңиштейт* (Абдыкадырова). 3. Өтүмү жок, тартынчаак, өтүмсүз. *Уялчаак жашыктардын көздөрүндөй, Сан жылдыз калып талбай жымыңдашкан* (Токомбаев). *Андагы Дилвар – уялчаак, жашык, Жаркырайт гүлдөй шат күлүп ачык* (Абдыраманов). 4. Жумшак, ийилчээк, курч эмес. *Жашык темир. Жашык бычак.*

**ЖАШЫКТЫК** 1. Даамы жоктук, супсактык, абдан арык экендик. 2. Кайраты жоктук, болор-болбос нерсеге жашып, мууну бошоп кетүүчүлүк. – *Алда Акиш ай, жашыктыгың али да калбаган* (Жантөшев). 3. Өтүмү жоктук, чечкиндүү эместик, тартынчаактык, жалтактык. 4 Жумшактык, ийилчээктик, курч эместик.

**ЖАШЫЛ** 1. Көгөрүп турган чөп сыяктуу түс. *Жаш энеси жаңсап сүйлөп баратат, Жашыл бантик эрке кызын жетелеп* (Токомбаев). *Сол тарабынан төбөсү жашыл сыр менен сырдалган көк үйдү көрдү* (Жантөшев). 2. Көктөп-бүрдөгөн, куурабаган көк чөптүү, көгөрүп, жашарып турган өсүмдүктөрү бар, көк жашаң. *Жашыл бакта Булбул таңшып салат үн* (Маликов). *Кыштак үстү көк жашыл* (Сыдыкбеков). *Жазгы күндүн балбылдаган нуру жашыл талааны көркүнө келтирди* (Сасыкбаев). ‖ Көк чөп, куурай элек көк жашаң өсүмдүктөр. *Бахар менен баш көтөргөн жашылдар Айга жетпей, курумшудай куураган* (Токомбаев). *Жолдун бою күлгүн жашыл Толгон экен жаңылык* (Бөкөнбаев).

**ЖАШЫЛ ҮЙ** Жаштарга тигилген боз үй. Ички жасалгалары көбүнчө жашыл түстө болгон. *Кыз келиндер оюн-шоок курган жашыл үйгө кирип...* (Абакиров).

**ЖАШЫЛ КИТЕП** Сейрек, жоголуп бараткан жана өзгөчө коргоого муктаж өсүмдүктөр тобу жөнүндөгү маалымат жыйнагы, китепче. Ал – Кыргызстанда чөйрөнү коргоо жаатындагы КР мыйзамдарынын алгачкы жыйнагы.

**ЖАШЫЛДА** Жашыл түскө келтирүү. *Жашылдады талааны, Жайнап эмгек карааны* (Бөкөнбаев).

**ЖАШЫЛДАН I** Жашыл түскө кирүү, көгөрүп-бүрдөй баштоо, чөп, көгөргөн өсүмдүктөр өсө баштоо. *Эң картаң дегени береги жашылданып мөмө төккөн алма жыгачы* (Сыдыкбеков). *Жапан чөлдөр жашылданды* (Бөкөнбаев).

**ЖАШЫЛДАН II: көзү жашылдануу** Ыйлап жиберчүүдөй болуп көзүнөн жаш кылгыра түшүү, жашып кетүү. *Алымкулдун көзү бир аз жашылдана түштү* (Абдукаримов).

**ЖАШЫЛДАНДЫР 1. жашылдан I** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Бак-дарактар, бадалдар отургузуп көрктөндүрүү, жашыл өсүмдүктү түргө келтирүү. *Көчөлөрдү жашылдандырдык.*

**ЖАШЫЛДАНДЫРУУ** жашылдандыр этишинин кыймыл атоочу. *Мектептин тегерегин жашылдандыруу боюнча да бир топ иш иштелген* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖАШЫЛДАНТ I жашылдан I** этишинин аркылуу мамилеси. *Өтүп барат жашылдантып, Суусуз жаткан какырды.* (Бөкөнбаев).

**ЖАШЫЛДАНТ II жашылдан II** этишинин аркылуу мамилеси. *Сакадай көзүн жашылдантып карап турат* (Жантөшев).

**ЖАШЫЛДАНУУ жашылдан I** этишинин кыймыл атоочу. *Жаз нуруна балкып, айлана барган сайын жашылданууда.*

**ЖАШЫЛЧА** Пияз, сабиз, капуста сыяктуу огород өсүмдүктөрүнүн жалпы наамы. *Эрте бышуучу жашылчалар. Жашылча өсүмдүктөрү.*

**ЖАШЫМБАК** *туурасы:* **жашынмак.**

**ЖАШЫН** Бирөөгө көрүнбөс үчүн калкалануу, бекинүү, көрүнбөй калуу, далдаалануу, жашырынуу. *Жашынамын күндүздө, Жаңы келген келиндей* (Токтогул). *Калың токой арасына, Кире берип жашынды* (Бөкөнбаев). *Күн жарк этип бирде көрүнсө, бирде булутка жашынат* (Жантөшев).

**ЖАШЫН САНОО** Аябай кыйналуу, азап чегүү. *Жүгүм оор эле, көтөрө албай жашымды санап үйгө араң жеттим* («Ала-Тоо»).

**ЖАШЫН СУРОО** Абдан кыйноо, азабын колуна берүү, запкы көрсөтүү. *Отунчу, суучу*

*кылайын, Мүшкүл салып кыйнайын, Тирүүлөй жашын сурайын* («Сейтек»).

**ЖАШЫНБАК** *туурасы:* **жашынмак.**

**ЖАШЫНМАЙ** *диал.* Жашынмак. *Жашынмай ойноп бекинген, Таштарын Сырга тааныды* (Бөкөнбаев).

**ЖАШЫНМАК** 1. Бирөө издеп башкалары жашынып, белгилүү эреже боюнча ойноло турган балдар оюну. *Жаштар күүгүм кирип калган кезде жашынмак оюнуна өтүштү* (Абдукаримов). *Бала элек жүргөн бир кезде, Жашынмак ойноп бекинип* (Үмөталиев). 2. *өт.* Ачык эмес, тапкычтатмай, табышмактуу. *Ыр менен айтты, Жашынмак сөзүн* (Осмонов).

**ЖАШЫНТ жашын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАШЫНУУ жашын** этишинин кыймыл атоочу. *Жашынууга жай таппай алдасташып, эстери эки болушту* (Жантөшев).

**ЖАШЫР** 1. Катып коюу, далдаага бекитүү, көргөзбөөгө аракет кылуу. *Семён Токтогулду карагайга жашырат* (Бөкөнбаев). *Марфа кожоюндан жашырып жумушчулардын бирөөнө кант, бирөөнө май бере койчу* (Сасыкбаев). || Каптоо, көргөзбөй коюу, көргөзбөй тосуп калуу. *Жашыл шибер жердин бетин жашырган* (Бөкөнбаев). // Көмүү, көздөн далдаа кылуу. *Жар түбүнө алпарып, Жарын жерге жашырды* (Бөкөнбаев). *Өлүп калса жашырып койгула* (Токомбаев). *Сөөктүн жайын ойлонуп, Жашыра кеткин башымды* («Курманбек»). 2. Чынын айтпоо, өз ичинде сактоо, ачыкка чыгарбоо, билгизбөөгө аракет кылуу. *Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат* (макал). *Айганыш бир канчалык сырларын кыздардан жашырды* (Байтемиров). *Минтип эзилишип сырдашып отурган кишиден оюңду кантип жашырасың* (Каимов).

**ЖАШЫРМАЙ** Эки киши тарабынан бир нерсени бирөө катып, экинчиси табууга аракет кылып ойнолуучу оюн. *Чөп жашырмай ойноо.*

**ЖАШЫРТ жашыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАШЫРУУ жашыр** этишинин кыймыл атоочу. *Түлкү изин жашырууга үлгүрө албады* (Каимов).

**ЖАШЫРУУН** Башкалар билүүгө болбой турган, өз ара гана белгилүү, ачык эмес, жабык түрдө, башкаларга билдирбей астыртан, тымызын, жашырын. *Ызакул балдарды төркү үйүнө киргизип, каалгасын илип, жашыруун сүйлөштү* (Бейшеналиев).

**ЖАШЫРЫКЧА жашыруун** менен бирдей. *Жашырыкча сөз.*

**ЖАШЫРЫЛ жашыр** этишинин туюк мамилеси. *Мейкин талаа жаш карга жашырылган* (Каимов).

**ЖАШЫРЫН I жашыруун** менен бирдей. *Силерге айтыла турган сөз өтө жашырын* (Жантөшев). *Катыңыз ачык окула турган катпы же жашырынбы?* (Жантөшев).

**ЖАШЫРЫН II жашыр** этишинин өздүк мамилеси. *Айдай көбүргөн теримиш болуп, апасынан жашырынып, төрдүн башын көздөй жөнөдү* (Каимов).

**ЖАШЫРЫШ жашыр** этишинин кош мамилеси.

**ЖАШЫТ жашы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖАЮУ I** *аңч.* Бир нече киши бүркүттү агытууга аң издеп чыгуу.

**ЖАЮУ II жай IV** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖАЯ** Жылкынын учасынын кыртыштуу келген майлуу жумшак эти. *Алмамбетке ылайык, Жая менен жал деди* («Манас»). *Сүр чучук, муздай кашка жал, жаясы* (Осмонов). *Жаяны кесип жечү элең* («Семетей» С.К.).

**ЖАЯН I** 1. Чоң балыктын бир түрү (сом). *Жаян балык жайыты, Сууда болот турбайбы* (Барпы). 2. Эпосто укмуштуудай зор жырткыч балык. *Дарыядан жаянды, Сазан балык ордуна, Сууруп алып жеп жүргөн.* («Манас» С.О.). *Жан жагымдын баарынан, Жаян балык жабылды. Жаян балык жалмайт деп, Жаным тирүү калбайт деп, Кутула албай жаяндан Кургуруңду карасаң, Өлөр жерге таянган* («Манас» С.О.).

**ЖАЯН II: кызыл жаян** Канга боёлгон, кан төгүлгөн, чачыраган кан, кызыл ала кан. *Оозу-мурдум, Кызыл жаян канаган* (Турусбеков).

**ЖЕ I** Сүйлөм мүчөлөрүн жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу божомолдогуч байламта. *Сырттан эч кандай жооп же табыш болгон жок* (Жантөшев).

**ЖЕ II** 1. Тамак ичүү, тамактануу, тамагы үчүн пайдалануу, азыктануу, оттоо. *Барпы муздак эт менен нан жеп жатып алды* (Байтемиров). *Карды тээп, тулаң жеп кара кырда жылкысы* (Үмөталиев). *Бирөөнүн тоогун жесең каз байла* (макал). *Боорсок, эт алып келдим, кыздарың менен жегин* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Башка бирөөнүн акысын же башкаларга, көпчүлүккө таандык болгон мүлктү, акчаны ж.б. кыянаттык менен ач көздүк кылып өз пайдасына жумшоо, өз кызыкчылыгы үчүн каражаттоо менен зыян келтирүү. *Басып жеген калкымды, Бай-манаптар куулду* (Бөкөнбаев). *Белектин жеп-ичкени жүз миң сомго жакындап барат имиш* (Жантөшев) 3. Башкалардан акча, мүлк ж.б. алуу. *Сенден кара байлап, калың жеп, Катарлап ат-төө жетелеп* (Үсөнбаев). 4. Суу алып кетүү, жемирип, жырып кетүү, оюп жар кылып кетүү. *Сатар менен Абаз кыян жеген аңдан өтө албай, бир азыраак буйдала түшүштү* (Таштемиров). 5. Кандайдыр бир соккуга учуроо, бир нерсе тийүү, урунуу. *Таяк жеп, кордук көргөн жигит*

*кантип, Унутат жонундагы камчы тагын* (Үмөталиев). *Жөн жүрбөгөн жигиттер, Көрүнгөндөн тепки жейт* (Токтогул). *Мен акырегиме бычак жеген экенмин* (Абдукаримов). 6. Кириптер болуу, дуушар болуу. *Караңгы тамда кайгы жеп, Ойлосом күйөм от болуп* (Токтогул). *Камыгып, кайгы басып, убайым жеп, Ким тартты кара күндү сенден артык* (Элебаев). 7. Наразылык билдирүү, тилдөө, жекирүү, каргапшилөө, коркутуу, жаман көрүү иретинде айтылган сөз тизмектеринде колдонулат. *Ой ырысыңды, жегир! Сен качанкы Акмансың* (Сыдыкбеков). *Нээти жаман ач түлкү, Бизди жебей, жегин таш* (Осмонов).

**ЖЕ АК ДЕБЕЙ, ЖЕ КӨК ДЕБЕЙ** Эч нерсе айтпай, унчукпай, жооп кайтарбай. *Паризек же ак дебей, же көк дебей дымып баратты* (Ашымбаев).

**ЖЕ АРЫ, ЖЕ БЕРИ ЭМЕС** Аягына чейин абдан так бүтпөй, бир жаңсыл болбой, орто жерде, илең-салаң, арабөк болуп турган ишке ж.б. карата колдонулат. *Акыры үй ээсинин чыдамы жетпей буркан-шаркандады! – Же ары эмес, же бери эмес, кайда силердин көкөлөткөн күйөө балаңар! Анын Айылчы агасы не ыңгыранат* (Бейшеналиев).

**ЖЕ ӨЛҮҮ ЭМЕС, ЖЕ ТИРҮҮ ЭМЕС** Өтө оор арасат абалда. *Паризек бүт элдин ишеничинен кетип, өзүн же өлүү эмес, же тирүү эместей сезди* (Ашымбаев).

**ЖЕ ҮЙДӨ ЖОК, ЖЕ ЧҮЙДӨ ЖОК** Ара жолдо калгандык, илең-салаң болгондук. *Мен байкуш же үйдө жок, же чүйдө жок каламбы* (Тойбаев).

**ЖЕ ЫЙЛАЙ АЛБАЙ, ЖЕ КҮЛӨ АЛБАЙ** Эмне кыларын билбей, өтө оор абалга туш келгендей, дендароо болуп аргасы түгөнгөндөй. *Сапардын арамзалыгына эми түшүнгөн Назгүл же ыйлай албай, же күлө албай, боз ала болуп бир пас турду да, «сиз да кечириңиз» деп менин кучагыма жыгылды* (Саатов). *Батма апа же ыйлай албай, же күлө албай далдырайт* («Ала-Тоо»).

**ЖЕБЕ** 1. Жаанын огу. Көпчүлүк учурда сыр жебе түрүндө сыпаттамасы кошо айтылат. *Сыр жебе* жаанын огунун жылмаланган абалын туюнтат. *Алеңгир жаа, сыр жебе* («Манас» С.О.). *Алеңгир жаа, сыр жебе, Кошо тартат Чынкожо* («Семетей»). *Жебе зуулдап жетүүчү, Токсонун тешип өтүүчү* («Сейтек»). 2. Жаа. *Бугунун сөөгүн тилдирип, Жебеге кере тарттырып* («Семетей»). *Жай күнү төккөн мөндүрдөй, Жаадырган огун жебенин* (Бөкөнбаев). 3. Жаа огунун учундагы учтуу темири. 4. Өлчөгүч, ченегич, көрсөткүч буюм, аспаптардагы керектүү сан, белгилерди көрсөткүч (мисалы, саатта, таразада ж.б.). *Сааттардын жебелери тирелип, Жаңы гана он экиде тургандa* (Токомбаев). *60 грамм эт салынгандыгын таразанын адилеттүү жебеси көргөзүп турат.*

**ЖЕБЕЛ** Үңкүр; көп катмарлуу археологиялык эстелик. Түркмөнстандын Жебел шаарчасынан 4 км алыстыкта.

**ЖЕБЕЛЕ** *сейр.* Окторултуу, күчөнгөн, атырылган абалга келтирүү (атка карата). *Кас буудандын баарына, Камчы салып жебелеп* («Манас»). *Аксур атын жебелеп, Эр Кошой өтүп кеткени* («Манас»).

**ЖЕБЕЛӨӨ** 1. Күч-дем берүү. 2. Сылапсыйпап тартипке келтирүү (атты). 2. Бапестеп багуу, ардактап күтүү, дайым көңүл буруу. 4. Ирэттөө, ирети менен иштөө, тартипке келтирүү. *Камчы салып жебелеп* («Манас» С.О.). 5. Өзгөчө көңүл коюп, дыкаттык менен иш бүтүрүү. 6. Артынан сая түшүү, аягына чыгаруу. *Жетимдердин баарысын, Жебелеп багып өстүрдү* («Манас» С.О).

**ЖЕБЕЛҮҮ** Жебеси бар. *Чоктолуу мылтык, жебелүү ок, Маңдайын көзөп кетпесин* («Мендирман»).

**ЖЕБЕР: жер-жеберине жетүү** *к.* **жер-жебер.**

**ЖЕБЕРИНЕ ЖЕТҮҮ** *к.* **жер-жеберине жетүү.**

**ЖЕБИЛГЕ** Көчкөндө же кыз бергенде жүктөр жүктөлүүчү малга (атка, төөгө) жабылган үртүктүн, жасалгалуу жабуунун коодолгон түймөлүү узун чачыктары. *Миңден-миңден жылкы алып, Жебилгеси жер чийип, Жетик кылды Сарыбай* («Эр Төштүк»).

**ЖЕБИРЕ** Оозу тынбай көп сүйлөө, бат-бат сүйлөө. *Жебиреп эле майдалатып сүйлөй берет.*

**ЖЕБИРЕЙИЛ** *дин.* Кабар жеткирүүчү периште. *Жетпеген экен ажалым, Токоңду жебирейил алган жок* (Токтогул).

**ЖЕБИРЕТ жебире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕБИРӨӨ жебире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕГДЕ** Жакасы жок, төштөн өйдөрөөк топчуланган карылар кийчү көйнөк. *Оодарып кийди жегдесин, Кылычты тартып кынынан* («Эл адабияты»). *Ал жегде көйнөктүн сыртынан көк чыт чапан кийген, башында төбөлүү тепчиме ак топу, эти качкан субагай жүзүн бырыш баскан* (Токтоналиев)

**ЖЕГЕНЕ** *туурасы:* **жагене.**

**ЖЕГЕНИ ЖЕЛИМ, ИЧКЕНИ ИРИМ БОЛУУ** Кандайдыр бир нерседен кооптонгондой, сары санаа болуп тынчы кетүү, санаасы тынбай бушайман боло берүү, санааркап айласы кетүү. *Байкуш Сабира күнү бүгүнгө чейин жегени желим, ичкени ирим болуп канкакшап жүргөн имиш* (Абдукаримов). *Ыр тараса, Эрмекбай как баштын жегени желим, ичкени ирим болор* (Бейшеналиев).

**ЖЕГЖААТ** *туурасы:* **жек-жаат.**

**ЖЕГИЗ же II** этишинин аркылуу мами-

леси. *О, Нуржан, кагылайын, эмизсеңчи, Ийбесе, буламык бар, жегизсеңчи* (Токомбаев).

**ЖЕГИЛИКТҮҮ** Даамдуу, ширелүү. *Жегиликтүү тамак. Жегиликтүү эти бар.*

**ЖЕГИЧ** 1. Соргок, тамакты көп жеген. *Өтө жегич, соргок көрүнөт.* 2. *өт.* Шылуун, паракор, бирөөнүн акысын, көпчүлүккө таандык болгон мүлктү өз пайдасына жумшаган арам тамак, алдым-жуттум. *Жегичтерге убал жок* (Тоголок Молдо). *Пайда жегич кишиге, Малыңды берип саттырба* (Осмонкул). *Эл жегичти жоготуп, Кулун көккө сапырды* (Токтогул).

**ЖЕГИЧТИК** 1. Жеп-ичкенди, көп ичкенди жакшы көргөндүк. 2. *өт.* Шылуундук, паракорлук, алдым-жуттум жагына берилгендик, башканын, көпчүлүктүн мүлкүн, байлыгын өз пайдасы үчүн жумшагандык. *Жегичтиги белгилүү болду. Жегичтиктин азабын тартуу.*

**ЖЕДЕП** Абдан, өтө, ушунчалык эң эле, акыры. *Абышканын татаал мүнөзүнө жедеп көнүккөн Бермет тымызын карады* (Сыдыкбеков). *Батыш жедеп ушугөндө үйгө кирип жылынат* (Байтемиров).

**ЖЕДИГЕР ДУБА** Курандагы дубанын бир түрү.

**ЖЕДИР** *же* **II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жайлоонун чөбү жалбырак, Жедирбедим ботойду* (Тоголок Молдо).

**ЖЕДИРМЕК** Эки тарап болуп чүкө чыгарышып, калчаганда же өкчөгөндө таа түшкөн чүкө бөктү, айкүр түшкөн чүкө чикти же тааны да алып жеп коюуга негизделген балдар оюну. *Жедирмек ойноо. Жедирмекти уттуруу.*

**ЖЕЗ** 1. Кызгылтым сары түстөгү металл. *Алтын, күмүш, жез, калай, Түрдүү нефти кенге бай* (Калык). 2. Мылтыктын ок-дары салынбаган патрону, гильза. *Мусабек мылтыгынын жезине дары салды* (Сасыкбаев).

**ЖЕЗ БИЛЕК** Шыйрагы узун, күлүк (көбүнчө аргымак чалыш жылкы жөнүндө). *Кара байыр казан ат, Калбыр өпкө, жез билек, Ат күлүгүн алалы* («Манас»).

**ЖЕЗ КАНАТ** Чыгаан күлүк, ашкан күлүк, шыйрагы узун, сындуу күлүк. *Кара байыр казан ат, Калбыр өпкө жез канат, Ат күлүгүн алалы* («Манас»). **В.: Жез билек.** *Калбыр өпкө жез билек* («Манас»).

**ЖЕЗ КЕМПИР** 1. Жомоктордо айтылуучу тырмактарынын, тумшугунун учу жез, сыйкырдуу, мыкаачы кемпир деген мааниде. *Кээде жез кемпирлер укмуштуу сүрөттөлгөндө, абдан коркор элек* (Шүкүрбеков). 2. *өт.* Колунан жакшылык келбеген, абдан катаал, ырайымсыз, митайым, шум (негизинен аялдарга карата). *Ал жез кемпирден сен эмне жакшылык күтүп жүрөсүң? – деп, эжем мени жекирип, колдон алып жетелеп кетти* («Ала-Тоо»).

**ЖЕЗ КЕМПИРДИН ЖЕЛЕСИ** *же* **көк желе** Көбүнчө жаандан кийин асманда күн нурунун чагылышуусунан пайда болуп, ар түрдүү түстө ийилген жаа мисалдуу көрүнгөн нур тилкелери. *Кичине күндүн көзү бүркөлгөндө, Көрүндү жез кемпирдин кош желеси* (Шимеев).

**ЖЕЗ ОЙМОК** Кийим тигүү, сайма саюу жагынан устат, чебер, колунан көөрү төгүлгөн уз, ишмер (аялдарга карата). *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы* («Эр Төштүк»). *Жез оймок аял өзү эле, Сарамжал менен үй кармап, Салтанат менен жыргашы* (Тоголок Молдо). *Ыбырай тек-жайын айтып отурса, өзүнчө узун сабак, энеси жез оймок, сөзмөр эле* (Ашымбаев). *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы* («Эр Төштүк»).

**ЖЕЗ ОТУРГУЗГУЧ** *аңч.* Жездин жүрөгүнө мистон отургузуучу аспап.

**ЖЕЗ ТАҢДАЙ** Сөзгө чебер, жеткен чечен, мыкты акын. *Апаңды тартсаң, жез таңдай атыгасың* (Токомбаев). *Алтын жаак, жез таңдай, Ырчы болгон экенсиң* (Токтогул). *– Кана, жез таңдай! Баккоргонду мактоочу кезиң келди го, эми?* (Осмоналиев). *Музооке аке, «кылды тырмап мал тапкан, сөзү менен жан баккан» өнөрлүү жез таңдай эле* (Бейшеналиев).

**ЖЕЗ ТУМШУК** 1 *миф.* Тумшугу, тырмактары жез, көбүнчө аял кебетесинде кубулуп көрүнүүчү, кулак тундурган ачуу кыйкырыгы бар укмуштуу жан, жез тырмак. *Же жез тумшук кыйкырдыбы?* (Токомбаев). *Мергенчи мылтыгын алып, карагайдын башында аңдып отурса, жез тумшук келип, чаңырып дөңгөчтү басып калат* (Сыдыкбеков). 2. Ырайымсыз, канкор, мыкаачы. *Фашист деген – Кан тырмактуу, жез тумшук, Кара жүрөк, эч кылмыштан кайтпаган* (Маликов).

**ЖЕЗ ТЫЙЫНГА АРЗЫБОО** *к.* **тыйынга арзыбоо.**

**ЖЕЗ ТЫРМАК I** *аңч.* Карган бүркүт.

**ЖЕЗ ТЫРМАК II** 1. Колунан эч нерсе чыкпаган, өтө зыкым, абдан сараң. *Бир жез тырмак келини бар, менин күнүм ушунун колунда* (Элебаев). *Мамирмазиндин бул кызы кессең кан чыкпай турган бир жез тырмак эле* (Элебаев). 2. *к.* **жез тумшук 1.**

**ЖЕЗ ЧЫГАРГЫЧ** *аңч.* Атылган жезди сууруп чыгаруучу, замокко бириктирилген тиштүү тетик.

**ЖЕЗДЕ** Эжесинин күйөөсү (аялдын төркүн жагындагы өзүнөн кичүүлөргө карата). *Жылдызкан жездесинен уялып, үн чыгарган жок* (Байтемиров).

**ЖЕЗДҮҮ** Жез кошулган, жези көп, жез аралашкан, жез менен капталган, жези бар.

**ЖЕЗЕ** *туурасы:* **жесе.**

**ЖЕЗИТ** Арамза, жек көрүмчү, бузуку. Кээде турмушта жок, пери түрүндөгү өзүнчө эл маанисинде. *Жексендеп жерге жапшырдык, Желмогуз душман жезитти* (Бөкөнбаев). *Жезит чалдын тукумун, Бир жолу үзүп койгун дейт* («Семетей»).

**ЖЕЙРЕН** 1. Кумдуу, чөлдүү жерлерде, талааларда жашоочу кийиктин бир түрү. *Кулундай ойноп жүрүшкөн Кулан, жейрен ушу бар* (Осмонкул). 2. Кызгылт саргыч, жээрде. *Жейрен десем куладай, Желке чачың буладай* (Тоголок Молдо).

**ЖЕЙСТИК** Компьютер оюндарында баскыч топтун (клавиатуранын) же «чычкандын» ордуна командалык түзүлмө сыяктуу колдонулуучу атайын тутка.

**ЖЕК: жек көрүү** Жаман көрүү, көргүсү келбөө, кодулоо, кыжырдануу сезиминде болуу. *Жалкоолукту жек көрүп, Сүйбөгөн элди карачы* (Токтогул). *Чыркыраткан, аябаган баланы, Ошондуктан желдеттерди жек көрдүк* (Үмөталиев). *Сыдык Айгүл менен Абылбекти жек көрөт* (Жантөшев). *Каныбек жек көргөндөй бир карап алды* (Жантөшев). *Капитан бирөөнүн наалып сүйлөгөнүн өлгөндөй жек көрөт.*

**ЖЕК-ЖААТ** Куда-сөөк, таяке-жээн сыяктуу тууган-туушкан адамдар. *Кошой менен жек-жаат болуп калышы – Калтабайдын күтпөгөн таалайы* (Токомбаев). *Кайын энеси жек-жаатына айылчылап кетип, үйдө Жийдегүл калды* (Сасыкбаев).

**ЖЕК, ЖЕКЕ** Бир маалыматка караганда, «жек» – кебезден токулган кездеме. Андан сырт кийим тиккен экен; бир маалыматка караганда, «жеке» – булгаары, кайыш. *Жекени белге курчанган, Жети түмөн кол келсе, Желбегей кирип кол салган* («Манас»).

**ЖЕК КӨРҮМЧҮ** Көзгө суук учураган, өтө алгылыксыз, начар, шүмшүк. *Жек көрүмчү жактары козголбой калабы?* (Осмоналиев). *Кан чеңгел канкорлорго ал экөө тең жек көрүмчү* (Бейшеналиев).

**ЖЕК КӨРҮНДҮ** Кимдир бирөөгө (элге-журтка) жаман көрүнгөн; жакпаган, жек көрүнүп калган кишиге карата айтылат. *Калп айтып, жек көрүндү болуу.*

**ЖЕК КӨРҮНЧҮ жек көрүндү** менен бирдей. *Урунуп-беринип терс жүрүүчү тентек уул чоңдордун да, балдардын да көбүнө жек көрүнчү болду* (Сыдыкбеков).

**ЖЕКЕ I (көк жеке)** 1. Баалуу бут кийим, көбүнчө кадырлуу, тектүү адамдар кийүүчү өтүктүн бир түрү. *Көк найза колдо койкоюп, Көк жеке бутта чойкоюп* («Манас»). 2. Эндүү кайыш кур. *Жекени белге курчанган, Жети түмөн кол келсе, Желбегей кирип кол салган* («Манас»).

**ЖЕКЕ II** 1. Жалгыз, жалгыз өзү гана, жалаң өзү, жалаң гана, бир гана. *Көкөтөйдүн көп байге, Өзүң жеке ала көр, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Жемени жеке сиз айткан эмессиз* (Сыдыкбеков). // Айрым, бөлөк, башкалар менен аралашпаган же кошулбаган абалда, өзүнчө. *Сени менен жеке сүйлөшөмүн* (Сыдыкбеков). 2. Жекеме-жекеге чыккан кармаш, жекеме-жекеге чыккан беттешүү. *Деп Мендирман кашкайып, Жекеге баарын чакырды* («Мендирман»). *Жер дүңгүрөп, калмактар, Жекеге чыкпай качышты* («Курманбек»).

**ЖЕКЕ БИЙЛИК** Башкаруучу өкүлдүн өз колуна топтолгон, өзү гана жүргүзгөн бийлик.

**ЖЕКЕ ЖАК** Жамааттык бирикме деп эсептелген юридикалык жактан айырмаланып, жарандык укуктун субъекти катары чыгуучу адам, жаран.

**ЖЕКЕ ЧАРБА** *тар.* Артелге бирикпеген, чарбачылыгын өз алдынча жүргүзгөн чарба ээси. *Жанагы жеке чарба деген неме өз ара ынтымакты кетирип, ыркты бузуп, адамдарды жоолаштырып коё турган неме турбайбы* (Убукеев).

**ЖЕКЕБАСАР** Түшкөн киреше, пайда, өзүнүн тегерегиндеги мал-мүлк, материалдык байлыктарга карата өзүмчүл, башкалар жөнүндө ойлобоочу, «мага», «меники болуш керек» деп ойлоочу: жеке ээлик кылганды жакшы көргөн сапат жана ушундай сапаттагы адам. – *Жалгыз балаң түшкүр көзүн караган ата-энесинин жанында «мага», «меники», «мен үчүн» деп жүрүп өзүмчүл, жекебасар болуп, жаман көнүп калат окшобойбу,– деди Сонунбүбү байбиче саал улутуна* («Адабий Ала-Тоо»).

**ЖЕКЕБАСАРЛЫК** Материалдык байлыктарга карата өзүмчүлдүк, өзүнүн шыбагасына ыйгаруучулук.

**ЖЕКЕЙ** Чети кундуз же башка кымбат баалуу аң тери кармалган баш кийим. *Алтын көкүл Раушандын башында жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

**ЖЕКЕЙБОЗ** *сейр.* 1. Көбүнчө балбандар кийүүчү баалуу тон. *Момунжан тандап кол алып, Балбандардын баарына, Жекейбоз тонун кийгизип* («Сейтек»). 2. Балбандар курчанчу кур. *Жекейбоз белге курчанып* («Манас»).

**ЖЕКЕЛЕ** 1. Жеке-жеке болуу, өзүнчө болуу, өзү жалгыз чыгуу, жалгыз аракет кылуу, жеке бөлүп коюу. *Сейтек ок өтпөс тонду кийинип, Жекелеп элден бөлүнүп* («Сейтек»). *Жекелеп жоого кирбесем!* («Семетей»). *Тууган койду жылуулап, Жаткырып койдук жекелеп* (Осмонкул). 2. Жалгыз кишиге эки же андан көп киши каршы чыгып, көптөп кетүү, жалгыздап, жалгызсынтып кетүү. *Экөө жекелеп кетти.*

**ЖЕКЕЛЕТ жекеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Жекелетип калтыруу. Жекелетип жиберүү.*

**ЖЕКЕЛЕШ** Жекеме-жекеге чыгуу, жекеге чыгып кармашуу, бирме-бир салгылашуу. *Жекелешип турушту, Эми жер таянбай урушту* («Манас»). *Баатырлык сонун мындай иш, Жекелешип алалык* («Манас»).

**ЖЕКЕЛИК** Жалгыздык, өзүнчө айрым тургандык, көпчүлүк менен бирге болбогондук, жеке өзү гана болгондук, жеке адамга

таандык. *Мал тукумун асылда, Жекелик болуп чачылба* (Бөкөнбаев).

**ЖЕКЕЛИК САН** *грамм.* Жөндөлүүнүн, жакталыштын жеке адамга, жеке нерсеге ылайыкталып колдонулуучу формасы (көптүккө карама-каршы келген форма).

**ЖЕКЕЛӨӨ жекеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕКЕМЕ-ЖЕК жекеме-жеке** менен бирдей. *Жекеме-жекке чакырсаң, Күчүң бирдей келеби* («Мендирман»).

**ЖЕКЕМЕ-ЖЕКЕ** Бетме-бет, бирме-бир бет келген абал. *Жекеме-жеке сайышка, Жетигиң чыгып туруп бер* («Манас»).

**ЖЕКЕН** Сабагы жумуру жана узун келип, суу жээгинде, сазда өсө турган өсүмдүк. *Көлдүн айланасына өскөн камыш, балгын, жекендер көлдүн көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшев). *Жер кыдырып жел жүрсө, Желпилдеп турган жекени* («Семетей»).

**ЖЕКЕНДИ: жекенди тон** Эпостордо айтылуучу тыш кийимдин бир түрү.

**ЖЕКЕНДОС** *диал.* Отурганда алдыга салына турган ичкерээк келген узун төшөк, көрпөчө. *Жекендос жерден алдырып, Баяндос мамык салдырып* («Манас»).

**ЖЕКЕНДҮҮ** Жекени бар, жекен өскөн. *Жекендүү көл. Жекендүү саз.*

**ЖЕКЕНЕ** Кайыш кур (эпостордо). *Жекене белге курчанган, Жети түмөн кол келсе, Желбегей кирип кол салган* («Семетей»).

**ЖЕКЕРИ** *тар.* Курал-жарагын тагынып алуучу кур.

**ЖЕКЕСАН** 1. Кыргыздардын коңгуроо сымал тилдүү байыркы музыкалык аспабы. Жекесандын конус түрүндө жасалган түрү кеңири тараган. 2. Көбүнчө төөнүн мойнуна тагылуучу коңгуроо. *Кош коңгуроо жекесан, Тийип койсоң шаңгырап* («Саринжи-Бөкөй»). 3. Өтүктүн бир түрү (эпостордо). *Жекесан бутта чойкоюп* («Манас»).

**ЖЕКЕСИН** Жеке гана өзү экендигин билдирүүгө тырышуу, өзүн көрсөтүүгө аракет кылуу. *Жекесинип басынуу.*

**ЖЕКЕЧЕ** Жалгыз өзү, өзүнчө, айрым. *Жекече сүйлөшүү. Кошумча сабакты жекече өткөрүү.* ‖ Айрым, бөтөнчөлөнгөн, өзгөчөлүгү бар. *Ар бир окуучунун жекече мүнөзүн билүү керек.*

**ЖЕКЕЧИЛ** Өзүмчүл, өзүнүн керт башы жөнүндө гана ойлоочу, коллективден четте туруучу. *Колхоз куруп, коммуналап, жекечилди жек көрүү* (Бөкөнбаев).

**ЖЕКЕЧИЛИК** Өзүмчүлдүк, өзү жөнүндө гана ойлонгондук, коомдон, башкалардан четте туруучулук. *Ар кандай жекечиликтен оолак болуу.*

**ЖЕКИ зеки** менен бирдей. *Маркатайды жекиптир* (Токобаев).

**ЖЕКИР** Орой жемелөө, кекетүү, зекип тилдөө. *Каныш Батыйманы жекире сүйлөдү* (Убукеев). *Камилбек жекире сүйлөп, алая карады* (Жантөшев). *Бакыра сүйлөп атасы, Беттетпей мени жекирди* (Маликов).

**ЖЕКИРИН жекир** этишинин өздүк мамилеси. *Кожоюн сөздү да уккусу келбей жекиринди* (Сасыкбаев).

**ЖЕКИРҮҮ жекир** этишинин кыймыл атоочу. *Омор агайдын көз карашында жекирүүдөн мурда чоң өкүнүч бар эле* (Каимов).

**ЖЕКМЕ-ЖЕК жекеме-жеке** менен бирдей. *Жекме-жекке чыдашчу, Алардын да эри бар* («Мендирман»).

**ЖЕКСЕН БОЛУУ** Жоголуу, жок болуу, кыйроо, талкалануу. *Энеке! Ал дүйнө жексен болду, Чырмалган эмгекчилер үздү торду* (Турусбеков).

**ЖЕКСЕН КЫЛУУ** *к.* **жер менен жексен кылуу.**

**ЖЕКСЕН: жексен кылуу** Жок кылуу, жоготуу, кыйратуу, талкалоо. *Гүлайым чөнтөгүндөгү көк конвертти жексен кылуунун айласын издеп чыкты* (Бейшеналиев). *Фашистти жексен кылууга, Балбандар турат тирелип* (Бөкөнбаев).

**ЖЕКСЕНДЕ** Талкалоо, кыйратуу, жок кылуу, жоготуу, ойрондоо. *Кутурган желдеттерди жексендедик, Жарк этип күчөп күйдү азаттык шам* (Токомбаев). *Жексендеп жерге жапшырдык, Желмогуз душман жезитти* (Бөкөнбаев).

**ЖЕКСЕНДӨӨ жексенде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕКСУР** Жагымсыз, жек көрүндү. *Атай кээде аргасыздан гана ушак, таарыныч, эрегишүү деген жексур нерселерге алагды боло турган* (Каимов). *Ааламга жексур көрүнүп, Өмүрүнчө кайгырчу* (Маликов).

**ЖЕКСУР БОЛУУ** Кишиге, элге жаман көрүнүү деген мааниде. – *Сага кеңешим: аялыңын көңүлүн суутпай, үйүңө жексур болбо, тез жөнө! – деп, Айна олчойгон карды сузуп ыргыта баштады* (Каимов).

**ЖЕКСУРУН жексур** менен бирдей. *Ушундай жексурун мамилесине дуушар келди.*

**ЖЕКСҮРҮН жексурун** менен бирдей.

**ЖЕКТЕ I** Жек көрүү кодулоо, жаман көрүү, кагажытуу. *Кудакени жактырбай, Жектеп жүргөн андан көп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сөз которуп сени жектер мен эмес, Тил укканда келбей койчу сен эмес* (Шүкүрбеков).

**ЖЕКТЕ II жегде** менен бирдей. *Ак жектенин жеңине, Кир койбогон аккан суу* (Жеңижок).

**ЖЕКТЕТ жекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕКТӨӨ жекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕКЧИЛ** Жек көрүүчү, жек көргүч. *Жетпеген – жекчил* (макал).

**ЖЕКШЕМБИ** Бир жуманын ичиндеги жетинчи күн, жалпы дем алыш күнү. *Бүгүн жекшемби – дем алыш!* (Сыдыкбеков). *Жек-*

*шембиде мугалимдер силерди саякатка алпарышат* (Сыдыкбеков).

**ЖЕКШЕМБИЛИК** Көпчүлүктүн демилгеси боюнча жекшемби күнү (дем алыш күнү) иштелүүчү кандайдыр бир коомдук пайдалуу иш. *Мекемелердин, ишканалардын кызматкерлери февраль айында бир нече жекшембиликтерди уюштурушкан. Жекшембиликте өзүм да иштейм дедиң эле, эсиңдеби?* (Байтемиров).

**ЖЕЛ I** Бирде катуулап, бирде акырындап туруучу абанын агымы, акырын жүргөн шамал. *Күн батса да үлп эткен жел жок, үй да, сырт да дем болуп турду* (Каимов). *Капчыгайдан сыдырым жел сого баштады* (Абдукаримов). *Жел болбосо, чөптүн башы ыргалбайт* (макал). *Ойгоно элек азыр анда желаргы, Камыш үнсүз, ойгоно элек каз-өрдөк* (Карагулова).

**ЖЕЛ II** 1. Катуу басыктан ылдам текирендеп жүргөнгө жетпеген жүрүш менен жүрүү, жорто жүрүү. *Эңкейиш жолдо аттар желе басса, дөңгөлөктөр көзгө илешпей чимирилет* (Сыдыкбеков). *Бөлпүлдөп желген жээрде атты минип келе жаткан – Сансыз* (Жантөшев). ‖ Ылдамдай өтүү, ылдамдаган жүрүштө болуу. *Жети күнкү жаандан, Желип өткөн суу жакшы* (макал). 2. Ныгыра-ныгыра басуу. *Желип-желип койду эле Элеманы курусун* («Эр Төштүк»).

**ЖЕЛ III же II** этишинин туюк мамилеси. *Тамак желип болгондон соң, дагы азга сүйлөшүп отурушту* (Байтемиров).

**ЖЕЛ БОО** Бир учу түндүккө байланып, экинчи учу кемегенин четиндеги казыкка байланган, боз үйдү ордунан солкулдабаш үчүн кызмат кылуучу кош жип.

**ЖЕЛ ЖУТМА** Көбүнчө байлоодо турган малда кезигүүчү ылаң.

**ЖЕЛ КАЙЫК** *же* **жел кеме** Шамал менен жүрүүчү кайык же кеме, парустуу кайык же кеме. *Тор салып Иван азамат, Айдаганы жел кайык* (Үсөнбаев). *Калтылдайт толкундагы жел кемедей* (Элебаев).

**ЖЕЛ КАЙЫП** Көзгө көрүнбөй, тымызын жүрүүчү жан. *Кылмышкер жел кайып болсо да, мен аны табам* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛ КОЛТУК** Жеңил мүнөз, туруксуз. *Жел колтук, ала көөдөн, ала канат, Үчөө тең бир мүнөздөн орун алат* (Тоголок Молдо). *Далай жел колтуктар... өзүңүз эшиткен жанытма казалдарды какшап жаттагандары мындай турсун, ...не бир шумдуктарды таркатууда* (Бейшеналиев).

**ЖЕЛ ОҢ БОЛУУ** *аңч.* Аң уулаганда шамал аң жаткан тараптан мергенчини карай согуу, жыт урбоо.

**ЖЕЛ ОО** Эч наар албай, тамак-аш ичпей кезээрип, ачка жүрө берүү. – *Эмне, жел оогону жүрөсүңбү?* (Ашырбаев). – *Жел оосом да көлдү көрмөйүнчө өлбөймүн* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛ ООЗ** Укканын учурткан, ачык ооз, ушакчы. *Бул жел ооз неме журтка бүтүндөй таркатып дуу-дууну күчөтөт* (Бейшеналиев).

**ЖЕЛ ӨПКӨ** Ала көөдөн, көйрөң, куру мактанчаак, жеңил мүнөз. *Айдараалы жел өпкө мушташпаган киши калбагандыр* (Абдукаримов). *Жел өпкө көйрөң теңебейт өзүн катардагы кишиге* (Бейшеналиев). *Бир жагынан жел өпкө жаштарды ээрчип кеткенине иренжиди* (Укаев). *Жел өпкө көйрөң деген бар, Өпкөсү батпай ичинде* (Тоголок Молдо). *Айылдагылар аны Айдараалы жел өпкө деп аташчу* (Абдукаримов).

**ЖЕЛ СӨЗ** Куру сөз, орундалбай турган, аткарылбай турган жөн эле ооз көптүрүп айтылып коюлган сөз. *Бирок жел сөз жанга дары болмок беле* (Сыдыкбеков). *Кайра куруу, жаңылануу, маалымдуулук, ачык айтып ак сүйлөө – мурдагыдай жел сөздөр эмес* («Ленинчил жаш»).

**ЖЕЛ ТАМАН** 1. Бир жерге жай алып тура албаган, аягы сай таппаган, басанаак. *Жел таман желип-жортуп айылдап жүр. Жээлигип өзүн-өзү дайындап жүр* (Тоголок Молдо). *Арбак урган жел таман балдарды ээрчитип кайда кетип калды* («Ала-Тоо»). 2. Жеңил мүнөз, туруксуз, шайкелең. – *Анын эмнесине аза күтөсүң? Андай жел тамандар фронтовиктен айлансын!* (Абдукаимов). *Ал жел таман ойсоктогон мүнөздөрүнө жараша эң болбогондо көз жашы кылып тынуу керек* («Чалкан»).

**ЖЕЛ ТАМАНДЫК** Жеңил мүнөздүүлүк, туруксуздук, шайкелендик. *Шарипова бул жылдары жеңил турмушка жеңдирип, жел тамандык кылып жүрдү.*

**ЖЕЛ ТЕГИРМЕН** Желдин күчү менен жүрүүчү тегирмен. *Бардык үйдөн бийиги – Жел тегирмен көрүнгөн* (Үмөталиев).

**ЖЕЛ ТЕТИРИ** *аңч.* Шамал, жел аңчы тараптан анды карай согуу, жыт уруу.

**ЖЕЛ ТУРУУ** Шамалдап, суук тийүүдөн, көбүнчө, бел же муундар ооруп калуу. *Белинин так ушул жерине жел туруп калган экен, кыймылдай албай калыптыр* (Жусупов).

**ЖЕЛАРГЫ** Мелүүн соккон салкын жел. *Таң алдындагы муздак желаргы мээ какшатат* (Каралаев). *Баш ылдый жорткон желаргы ашыккан жолоочудай лепилдөөдө* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛАТИН** Кулинарияда, фотографияда, кино өндүрүшүндө колдонулуучу белоктуу зат.

**ЖЕЛБЕГЕЙ** Эки жеңин кийбестен, үстүнө жеңил жамынган абал. *Кенжегүл пальтосун желбегей жамынып короого чыкты* (Элебаев). *Букен үстүнө желбегей жамынган бучкак ичигин бир өңүрүн силке тартып койду* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛБЕГЕЙЛЕН** Кийимдин эки жеңин кийбей жамынып алуу, желбегей абалда болуу. *Жигит желбегейленип короонун четинде турат.*

**ЖЕЛБЕГЕЙЛЕНҮҮ желбегейлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛБЕГЕЙЧЕН** *диал.* Желбегей. *Желбегейчен келип, эшиктин илгичин чыгарды* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛБИР: желбир-желбир** Жука нерселердин желден, эпкинден козголо түшкөнүн, желп-желп этип кыймылдаганын билдирүү үчүн колдонулат. *Желек желбир-желбир этет.*

**ЖЕЛБИРЕ** Желге ыргалуу, желп-желп этип кыймылдоо. *Туу желбиреп, барабан кагылууда* (Сыдыкбеков). *Тармал чачтары бир байлам жоолуктан чыгып, шамалга желбиреп келатат* («Жаш ленинчи»).

**ЖЕЛБИРЕК** Желбир-желбир эткен, желбиреп турган, желбиреп өзүнчө тилке болуп турган.

**ЖЕЛБИРЕТ желбире** этишинин аркылуу мамилеси. *Желбиретет жибек чачын жумшак жел* (Үмөталиев).

**ЖЕЛБИРӨӨ желбире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛБИРӨӨЧ** 1. Чачык сыяктуу желбиреп, асылып турган абалда кооздук үчүн тагылган ар түрдүү жасалга. *Сөйкөнүн желбирөөчтөрү күнгө чагылышып жалтылдайт.* 2. Короз, аоок, индюк сыяктуу үй куштарынын алкым жагындагы эт сыяктуу кызыл желбиреги. *Желбирөөчүн салбыраткан кызыл короздор моюндарын керкейтип кыйкырышат* (Каимов).

**ЖЕЛБИРТ: желбирт-желбирт** Жука нерселердин шамалдан, желден козголо түшкөнүн көрсөтүүдө колдонулат. *Жоолугунун учтары желбирт-желбирт этет.*

**ЖЕЛБИРТТЕ** Желп-желп этип тез-тез женил кыймылдоо, желбирөө. *Көйнөктүн этеги желбиртиеди.*

**ЖЕЛБИРТТЕТ желбиртте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕЛБИРТТӨӨ желбиртте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛБИРЧЕК желбирөөч** менен бирдей.

**ЖЕЛГАБЫЗ** Тирүү организмдин көбүктөнүп чириши.

**ЖЕЛГЕ КЕТҮҮ** Куру убара болуу, эмгеги текке кетүү. *Кыйнап жүрүп таптырып алабыз деген басмачылардын аракети желге кетип, үмүтү чорт кесилди* (Жантөшев).

**ЖЕЛГЕНИН ЖЕЛ, КОНГОНУН КОКТУ БИЛБӨӨ** Бир жерге жай алып, орун алып тура албоо, белгилүү бир жерде боло албоо, анда-мында жүрө берүү. *Ошондон кийин желгенин жел, конгонун кокту билбей жолобой калды.*

**ЖЕЛГЕНИНЕ ЖЕЛ ЖЕТПӨӨ** Катуу, тез, ылдам жүрүү. *Кылкуйрукту шалактатып, желгенине жел жетпей келе жатат* (Абдукаимов). *Андан мындан бир тийип, жаш баладай сергек дейт, желгенине жел жетпейт* (Медетов).

**ЖЕЛГҮҮР** Атка артылган чаначтын оозуна тыгындалып, анда-санда жел чыгарыш үчүн алып, кайра сайып коё турган жыгач шиш, тыгын. *Тоодон айылга келгичекти үч-төрт жолу чаначтын желгүүрүн алып, кайра сайды.*

**ЖЕЛДЕ** 1. Жел жүрүү, бир аз жел болуп туруу. *Күн бүркөлүп, бир аз желдеп турат, Күн желдей түшүп, мөндүр жаады.* 2. Бир аз салкындап, серүүндөп алуу, желге чыгуу. *Сыртка чыгып, желдеп келдик.*

**ЖЕЛДЕЙ УЧУУ** Көзгө илээшпей өтө тез жүрүү, чымын-куюн болуу. *Оросул буйрук боюнча желдей учуп, кара кашка атка камчы үстүнө камчы басып, Чекирге бара-тат* (Осмоналиев).

**ЖЕЛДЕН** 1. **желде** этишинин өздүк мамилеси. *Көйнөгүнүн топчусун чыгарып, бир аз желденди.* 2. *өт.* Күүлөнүү, көкүрөгүн көтөрүп менменсинген абалда болуу, желигүү. *Томуктай эт жебесе да тамашасын көрүүгө желденгендер көп болот эмеспи* (Жантөшев). *Жабыккан, кылар иш жок жигиттери, Желденип, өздөрүнчө бүркүт болот* (Токомбаев).

**ЖЕЛДЕТ I** 1. Эзүүчүлөр коомунда өлүм жазасына тартылгандарды өлтүрүп, уруп кыйноо кызматын аткарган адам, баш кесер. *Бул кара мүртөз желдеттер өлтүрүп коюудан да кайра тартышпайт* (Абдукаримов). *Желе баскан желдеттер машкедей жойлошуп, Таабалдынын колу-бутун кишендешип түн катырып айдашты* (Бектенов). 2. Кызматчы жигит. *Желдет болуп барганы* («Манас» С.О.). 3. *тар.* Кандайдыр бир жогорку мансаптагы адамды, көбүнчө монархты кайтаруучу сакчы, аны ээрчип, көбүнчө зордук-зомбулук көрсөтүүчү кызматкери, жигити. *Желдеттер тепсеп кетпесин, Алтын такка тура тур* («Эл адабияты»). *Үй көтөрүп бээ союп, Желдеттерин ээрчитип* (Тоголок Молдо). *Кырк вазир, кырк жигит, Кырк желдетиң дагы бар* (Токтогул). *Кандын желдеттери «алал зекет», «түндүк зекет» дедиртип налогдорун жыйнашкан* («Ала-Тоо»). *Атын желдет алганы* («Манас» С.О.). 4. *өт.* Киши өлтүрүүдөн да кайра тартпаган ырайымсыз, таш боор, канкор. *Биздин жерге желдеттин, Буту эркин баса албайт!* (Токомбаев). *Чоң желдетин жиберип* («Манас» С.К.).

**ЖЕЛДЕТ II желде** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйдүн ичин желдетип алды.*

**ЖЕЛДЕТКИЧ** 1. Бөлмөнүн абасын жаңыртып туруу үчүн жасалган терезенин ачылып-жабылган көзү. 2. Ысык кезде бөлмөдөгү абаны салкындатууга атайын арналып жасалган курал, вентилятор. 3. Өндүрүш орундарын желдетүүдө аэропровод же трубопроводдор менен ташууда ж.б. абаны же башка газдарды жылдырып отуруп орун алмаштыруу үчүн алардын ашык кысымын туудура турган курал.

**ЖЕЛДИК** Ээрдин эки капталына басты-

рылып, тердиктин үстүнөн коюла турган, кат-кат кылып шырылган ат токулгасынын бир бөлүгү. *Алты кабат бир желдик, Айлана басып капшырды* (Бөкөнбаев). *Желдиги жок ат минсең, Өркөч, бели жоор болот* (Осмонкул).

**ЖЕЛДИР жел II** этишинин аркылуу мамилеси. *Баратышты үчөө бирдей желдирип* (Үмөталиев).

**ЖЕЛДИРМЕ УЙКАШТЫК** *адаб.* 1. Ыр уйкаштыгындагы ар кылдуулук, уйкаштыктын бир формасын (шыдыр, аттама, жуп, аксак уйкаш) карманбай, ыңгайына жараша ар түрдүү уйкаштыкка салып ыр куроочулук. 2. Мазмундук байланышка караганда уйкаштык байланыш биринчи орунга коюлуп, бир эле ойду бир канча вариацияга салып желдирип ыр куроочулук. *«Алтындай сака калчадың ботом, Айлыңа жетпей чарчадың ботом, Күмүштөн сака калчадың ботом, Күнүңө жетпей чарчадың ботом»* («Карагул»).

**ЖЕЛДҮҮ** 1. Жел жүрүп турган, жел согуп турган. *Сары өзөн жумшак желдүү салкын жайда...* (Осмонов). *Күн желдүү болуп турат.* 2. *өт.* Мүнөзү жеңил, көкүрөгүн өргө айдаган, желикме. *Желдүү боз бала. Желдүү жигит.*

**ЖЕЛЕ I** 1. Эки башы эки казыкка керилип, көбүнчө саала турган бээлердин кулундарын тизип байлай турган аркан. *Желе тартып, бээ байлап, Жердеген колхоз айылы* (Бөкөнбаев). *Желеден айгыр минишип* («Манас» С.К.). *Топ-топ болуп бир басып, Желеге барып бээ саашып* («Эл адабияты»). *Күмүшай көнөгүн каруусуна илип, желеге карай басты* (Токомбаев). // Убактылуу мал байлоо максатында керип тартылган аркан. *Жакшы атасаң баланы, Желеси менен бээ берем* («Сейтек»). *Желеңде калды чүлүгүң* (Тоголок Молдо). *Желеден өзүң тандаган жалдуу жылкы кармап жетелет* (Сыдыкбеков). *Желедеги уйлар кулгуп кепшеп көздөрүн сүзөт* (Жантөшев). 2. Жөргөмүштөн бөлүнүп чыгарылган жабышкак суюктуктан пайда болгон жипчелер аркылуу тордолгон торчо. *Жөргөмүш желе тартыптыр. Тамдын бурчунан жөргөмүштүн желеси көрүндү. 3.* Кырка тизилген тизмек, катар. *Келе жатат жолоочулар тынымсыз, Каркырадай желе тартып чубалып* (Бөкөнбаев).

**ЖЕЛЕ II** Жемиштин суусунан жасалган килкилдек таттуу тамак.

**ЖЕЛЕ УЗАРТУУ** Байлана турган кулундардын санын көбөйтүү. *Туугандары жергелеш конушат, желесин узартышат* («Ала-Тоо»).

**ЖЕЛЕК I** 1. Түрдүүчө формадагы жана түрдүүчө түстөгү кездемеден таякчага же узун жыгачка байланып, бир нерсенин белгиси, символу катарында колдонула турган байрак, тилке кездеме. *Желек көтөрүп жүргөн келин Настен эле* (Убукеев). *Асаба желек калкылдап, Айчыктуу туулар жаркылдап* (Тоголок Молдо). *Аттын келер жолуна, Ак желек алсын колуна* («Манас»). *Бул күндө Октябрдын ийген кези, Кедейге кызыл желек тийген кези* (Токомбаев). *Желеги алтын туу менен* («Манас» С.О.). 2. Желекче. *Найзага таккан желеги, Аяш атаң Алмандын* («Манас»). *Сары желектерин булгалактатып, сурнайларын созолонткон вагончулар камбыл кыймылдоодо* (Сасыкбаев).

**ЖЕЛЕК II** *диал.* Кебез салынбай тигилген, жакасыз жука чапан. *Бир маалда башына түс допу, үстүнө ак желек кийген жигит келди* (Абдукаримов).

**ЖЕЛЕКИ желек II** менен бирдей. *Жети күнү ырдасаң, Желеки чапан кийгизет* (Жеңижок).

**ЖЕЛЕКТҮҮ** Желеги бар, желек сайылган. *Желектүү найза туу менен, Жер майышкан чуу менен* («Эр Табылды»).

**ЖЕЛЕКЧЕ** Кичинекей желек. *Бригадир колундагы кызыл желекчесин жазгап белги көргөздү* (Убукеев).

**ЖЕЛЕЛЕ** 1. Желеге байлоо, желеге тизүү. *Желелеп кулун байлаган. 2.* Желе тартуу, желе жасоо, желе тор пайда болуу. *Чаң басып, жөргөмүш желелеп, өңү өчкөн буюмдар эсимде* («Ала-Тоо»). 3. Катар тизүү, катарлашып тизмектелген абалга келтирүү. *Желелеп жибек түйөрмүн, Keминде жети жылы күйөрмүн* («Манас»).

**ЖЕЛЕТКЕ** Кыска, жеңи жок тигилген жалан бешмант, чыптама. *Анархан желеткесин чечип, Эркинге берди* (Жантөшев). *Анын бири ак калпак, көк желетке Кычан экенин таанышты* (Бейшеналиев).

**ЖЕЛИ ЧЫГУУ** Көпкөлөң тартып, бой көтөрүп, эч кимди көзүнө илбей жүрүп, бир катуу жазадан, кырсыктан улам эсине келүү, жини кагылып, көзү ачылуу, мурдагысындай болбой калуу. *Дардаңпостун жели чыксын дегенби, Тоймат кескин жооп кайтарды* (Каимов). *Желиң чыгып, demиңдин бөксөргөнү ушул* (Сасыкбаев). *Ошентип, өзүнчө ээлигем деп жели чыккан Тазабек, журт башына оор күн түшкөндө да айлына анча арка-тирек боло алган эмес* (Сыдыкбеков). *Эми жели чыккан, Поп, молдо, душман* (Тоголок Молдо).

**ЖЕЛИГҮҮ желик II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛИК** Ээлигүү, токтоно албоо, делебеси козголуп, бир орунга тура албоо, күүлөнгөн, эргиген көңүлдө болуу. *Акылы жарым азамат, Алты сом тапса желигет* (Осмонкул). *Желигип калган экенсиң, Жериңден жетик кол жыйып, Ээлигип калган экенсиң* («Манас»). *Совет өкмөтү чыккандан бери бала да, чоң да окуу деп желигет* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛИКТИР желик** этишинин аркылуу мамилеси. *Өргө чапкан талабы Асанбайды*

*желиктирет* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛИМ** Бир нерсени жабыштыруу, чаптоо үчүн колдонулуучу жабыштыргыч зат, клей.

**ЖЕЛИМДЕ** Желим менен чаптоо, жабыштыруу, *Кайра-кайра желимдеп, Чаптап алган экенсиң* (Токтогул), *Желимдеп оозун бекиттим* («Манас»).

**ЖЕЛИМДЕМЕ баттама** менен бирдей.

**ЖЕЛИМДӨӨ желимде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛИМДҮҮ** Желими бар, желим сүртүлгөн, жабышкак.

**ЖЕЛИМЧИ I** Чага турган майда чиркейдин бир түрү. *Чиркейи да чагат, көгөнү да кан сорот, Жадаганда желимчи да тынчтык бербейт* (Токомбаев). *Мындай фонарлар чиркей, желимчи сыяктуу зыяндуу курт-кумурскаларды жоготуу үчүн эң пайдалуу.*

**ЖЕЛИМЧИ II** Желим жасоочу, желим сатуучу адам. *Кадакчы менен желимчи, Куюшкан жүгөн өрүмчү* («Кедейкан»).

**ЖЕЛИН** Сүт эмүүчү жаныбарлардын (уй, кой, жылкы ж.б.) сүт бездери орун алып, сүт жыйноочу эмчектүү органы. *Желининде чака-чака сүтү бар, Өгүзүндө атан төөнүн күчү бар* (Осмонкул). *Уйлар басса желини чатына батпай ары-бери чайпалат* (Байтемиров).

**ЖЕЛИН САЛУУ** Малдын тууруна жакындап, желини чоңоюп, билинип калышы. *Арык кой желин сала албайт* (Осмонкул).

**ЖЕЛИН ЧЫГАРУУ** Эсине келтирип, окутуп коюу, *Акесин таанытып, желин чыгарып коёюн* (Тойбаев).

**ЖЕЛИНДЕ** Тууруна жакындап, желини чоңоюп билинип калуу. *Тубар койлор желиндеп, Туур маалы жеткенде* (Осмонкул).

**ЖЕЛИНДӨӨ желинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛИНДҮҮ** Желини бар, желини чоң. *Желиндүү уй.*

**ЖЕЛКАЙЫП** 1. Көрүнбөй кубулуп жүрүп, адамдарды колдоочу, кереметтүү күчтөр. 2. Эпосто – *Желкайып* көбүнчө күлүк жылкылардын колдоочусу же кереметтүү тууган энеси. *Желкайыптай жаныбар* («Семетей» С.К.).

**ЖЕЛКЕ** 1. Моюндун арт жакки бөлүгү, шили, кежиге. *Эне уйпаланган чачын сылап, желкесине кайырды* (Байтемиров). *Бай баласы муштап кетсе желкеге, Төгүп жашын, мөгдөп жерди караган* (Бөкөнбаев). *Базыл малакайын желкесине түшүрө кийип, адырайып тиктеп турат* (Касымбеков). 2. Кежиге териси, моюн терисинин кежиге жагы, шили жагы. *Жээн эл болбойт, желке тон болбойт* (макал). 3. Бир нерсенин арка жагы, арт жагы. *Копер мунарасы дөбөнүн желкесинде болучу* (Сасыкбаев). *Бул таштын желкесине салган короо* (Маликов).

**ЖЕЛКЕГЕ МИНҮҮ** Өзүнчө эмгектенбей, бирөөгө салмагын салып, анын эсебинен күн көрүү. *Өзүңчө эмгектенсең боло, качанкыга чейин биздин желкебизге минесиң, биз да карыдык, – деп атам жемелей баштады.*

**ЖЕЛКЕЛЕ** 1. Желкеден алуу, желкеден кармоо. *Томаякты желкелеп, Бай көрсөткөн мушту айт* (Барпы). 2. Бирөөнүн артынан түшүп, ыкыстатып, демитип алуу, алдына салып айдап алуу. *Каныбекти желкелеп айдап жөнөдү* (Жантөшев). *Баскын деп айдап желкелеп, Салды токой жолуна* (Токтогул). 3. Ыкыстатып жакын кирип келүү, аз калуу, жакын калуу, чукулдап калуу. *Ошентип бул окуя жашым алтымыштан ашып, жетимишти желкелей барганда башыма келип отурат* («Чалкан»).

**ЖЕЛКЕЛЕТ желкеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Айыпсыз ат ойнотот желкелетип* (Абдыраманов).

**ЖЕЛКЕЛӨӨ желкеле** этишинин кыймыл атоочу. *Желкелөөгө жабылып, Манаска колду салганы* («Манас»).

**ЖЕЛКЕМДИН ЧУҢКУРУ КӨРСҮН** Көргүм келбейт, экинчи муну көрбөйүн, мындан ары көргүлүк кылбасын деген мааниде колдонулат. *Экинчи бул жерди желкемдин чуңкуру көрсүн* (Бөлөкбаев). *Адам сөөктөрүн көргөндө көздөрү чанагынан чыгып, экинчи желкемдин чуңкуру көрсүн деп, качып жүргөндөр андан көп* (Бейшеналиев). *Паризек ал жерди желкемдин чуңкуру көрсүн деп, баягы эле көнгөн ишинде калган* (Ашымбаев). *Аларды желкемдин чуңкуру көрсүн, жүздөрү курусун* (Тойбаев). **В.: Көрөйүн деген көз желкенин чуңкурунда.** *Базарбайдын Акылбекти көрөйүн деген көзү желкесинин чуңкурунда.*

**ЖЕЛКЕСИ ЖОК** Абдан кежир, кыйык, тил албаган. *Бала туруп мындай желкеси жокту ким көргөн.*

**ЖЕЛКЕСИ ТЫРЫШУУ** Ачуусу келүү, тырчый түшүү. *Желкеңиз тырышпасын тууган. Сиздин оюңузча, ал киши оокат да жебесинби?* («Чалкан»). *Менин тилимен чыкпаган Субандын бул ишине таң калып, желкем тырыша түштү. Көрсө, сууну ылайлаган киши бар экен* (Жантөшев).

**ЖЕЛКИ** Эриндердин чатырап, териси сыйрылма жарааты. *Эрди желки сары жигит келип, арызын айтты* («Ала-Тоо).

**ЖЕЛКИЛДЕ** Бир жакты карай жапырыла жыгылып сеңселүү, желп-желп этип бир калыпта теңселгендей абалда болуу. *Жер кыдырып жел жүрсө, Желкилдеп турган жекени* («Семетей»). *Желкилдеген төө жедиң, Желини карыш бээ жедиң* (Тоголок Молдо).

**ЖЕЛКИЛДЕТ желкилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Желкилдетип нар берген* (Токомбаев).

**ЖЕЛКИЛДӨӨ желкилде** этишинин кыймыл атоочу. *Калың чыккан камыштын баштары акырын соккон желге желкилдөөдө.*

**ЖЕЛМАН** Желмогуз (оозеки айтылышы) *Көчүгүңдү көтөрчү, желман! Көкүрөккө дем барсын, желман!* («Эл адабияты»).

**ЖЕЛМАЯ** **желмаян** менен бирдей.

**ЖЕЛМАЯН** Төөнүн түрү – күлүк жана чыдамдуу, күчтүү төө. *Желмаянды чөгөрүп, Жез казанды көмкөрүп* («Манас» С.О.). *Жекейбоз тон кийгизип, Желмаянды мингизип* («Сейтек»). *Жети куржун бүктөтүп, Желмаянга жүктөтүп* («Сейтек»).

**ЖЕЛМОГУЗ** 1. Кыргыз, казак, элдеринин оозеки чыгармаларында картаң кемпир кебетесиндеги көпчүлүк учурда жети баштуу тири укмуштуу мифтик жандык. Байыркы түрк тилинде *жел* – карасанатай дух, жин-шайтандуу жандык. *Бир желмогуз өттү деп* («Манас» С.О.). *Соргон сайын желмогуз түк тойбоду, Жумуруна али жук болбогондой* (Үмөталиев). *Жалгыз көздүү желмогуз, Колунда турам, көрдүңбү, Төштүк!* («Эр Төштүк»). *Жез кемпир сурап алып өгөөнү, Желмогузга бериптир, Төштүк* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Түрү суук, ачкорок, соргок, залим, опкок, мыкаачы. *Жалгызынан айрылган, Желмогуз кемпир дедирдиң* («Эр Табылды»). *Жетилип, кедей, кутулдуң, Желмогуздун оозунан* (Токтогул). *Желмогуз жетим тойбойт деп, Жек көрүмчү болорсуң* (Осмонкул).

**ЖЕЛП** Жазы нерселердин желден, эпкинден ж.б. козголо түшкөнүн, желбиреп кыймылдаганын билдирүү үчүн колдонулат. *Ак берметтин үлпүнчөк, Кайрылып кетти желп этип* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖЕЛПИ** 1. Ары-бери серпип желдетүү, шамалдатуу. *Салык мадырайган башын калпагы менен желпип отурду* (Каимов). *Жеңе колу менен бетин желпиди* (Убукеев). 2. Сапырган сыяктуу кылып экчөө, экчеп кебектерин, пыр-сырын учуруу. *Чоң эне акшак желпип отурат.*

**ЖЕЛПИЛДЕ** 1. Желге ыргалып желп-желп этүү, делбелектеп, ыргалган кыймылда болуу, желбирөө. *Жыйылып үймөк чөптөр дөбө-дөбө, Желпилдеп желге эркелейт сайда камыш* (Шүкүрбеков). *Эки этеги желпилдеп, кулакчыны силкинди* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Токтоно албаган жеңил мүнөздө болуу, жеңилдик кылуу, ээлигүү, оолугуу. *Жээниңмин деп желпилдеп, Жер чардаган эрсиңби?* («Эр Табылды»).

**ЖЕЛПИЛДЕТ** **желпилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕЛПИЛДӨӨ** **желпилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛПИН** 1. **желпи** этишинин өздүк мамилеси. *Бек көйнөгүн желпинип, скамейканы көздөй басты.* (Каимов). 2. *өт.* Токтоно албоо, желпилдөө, жеңилдик кылуу, жеңил мүнөздө болуу, оолугуу, күүлөнүү. *Оргу-баргы орой, желпинип жел өпкө, көпкөлөң, көйрөң болот* (Убукеев). *Кыйратып салган эмедей Кудаке сүйлөйт желпинип* (Үсөнбаев). *Желпинип катуу оолукту, Калыбай менен Аманга* (Тоголок Молдо).

**ЖЕЛПИРҮҮН** *туурасы:* **желпүүрүн.**

**ЖЕЛПИТ** **желпи** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕЛПҮҮ** **желпи** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕЛПҮҮР** **желпүүрүн** менен бирдей. *Экөөбүзгө желпүүр болуп бүткөндөй, Жумшак желге ыргалганда дарагың* (Токомбаев).

**ЖЕЛПҮҮРҮН** Желпип салкындата турган же желдете турган, ар кандай желпигич нерсе, жыйналып бүктөлө турган, желпинүүгө туура келгенде жайылып жазы болуп кетүүчү, жука калакчалардан атайын ылайыкталып жасалган желпигич. *Желпүүрүн кармап магдырап, Семиз бай шалдай жалдырап* (Токомбаев).

**ЖЕЛҮҮ** **жел** этишинин кыймыл атоочу. *Желүүдө аттар, эр Жунуш Санаанын көлүн чарпыды* (Токомбаев).

**ЖЕМ I** 1. Малга берилүүчү дан, дан аралашкан тоют. *Койлор арпа, күн жара аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев). *Саадат үй сааса, энеси жанында туруп, үйгө жем даярдайт* (Айтматов). 2. Канаттуулардын жана айбандардын жей турган жалпы эле азыгы, тамагы. *Балдарына жем издеп, Каркыра кетти бечара* (Тоголок Молдо). *Канаттуу куштар жем үчүн, Торго түшөт асмандан* (Токтогул).

**ЖЕМ II** Тегирмендин чанагынан түшүп жаткан данды кичинеден жана бир калыпта чубурта турган, чанактын алдына орнотулган бөлүгү. *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп аппак ун болуп, чоң ящикке эленүүдө* (Сыдыкбеков).

**ЖЕМ III** *аңч.* Кара мылтыктын дары куйган тешиги жана ага салынуучу дарынын өлчөмү.

**ЖЕМ БОЛУУ** Бирөөгө акысын же башка бирдемесин алдырып жиберүү, алдатуу, башкаларга олжо болуу, талоонго калуу. *Жабыр көрдүк бир далай, Кан соргучка жем болуп* (Тоголок Молдо). *Илгерки сиздин агаңыз, булардын бабасы Музооке комузчу жок, аларга жем болгудай* (Бейшеналиев). *Балким, мен, өмүр бою ойлогон оюма, тилеген максатыма жетпей, көрүнгөнгө жем болуп жүрүп өтөрмүн* (Абдукаимов).

**ЖЕМ ЖЕГЕН АКЫР** Туулуп-өскөн, кенедейинен чоңойгон жери. *Жаныңа эш болор деп таптаган тулпарың, жашында жем жеген акырын эңсеп, чылбырын үзсө кантип токтотосуң* (Бейшеналиев).

**ЖЕМ САЛДЫ КЫЛУУ** Азыраак, болорболбос гана таткантып коюу (тамак, оокат, жем ж.б.). *Жем салды кылып эле жөн болосуңбу?*

**ЖЕМ ТАШТОО** Кичинеден бирдемелерге кызык алдыруу, кызыктыруу. *Аны амал менен жем таштап гана чукул коштоого мүмкүн* (Бейшеналиев). *Эскертүүбүз керек*

*мындан ары душманга жем таштабасын* (Ашымбаев).

**ЖЕМ ТҮШҮҮ** Тердеп турган атты суутуп, терин кургатпай туруп отко койгондо же жемге тоюп турганда дароо сугарып жибергенде анын отту же жемди сиңире албай аксап калышы.

**ЖЕМ-ЧӨП** Малды азыктандырууга пайдаланылган өсүмдүк, тоют.

**ЖЕМБАСАР** *аңч.* Алгыр куш, бүркүттүн жем басып жечү акыркы бармагы.

**ЖЕМДЕ** Жем берүү, жемге байлап багуу. *Күлүгүн байлап жемдеген, Жарышкан куюн жел менен* (Үсөнбаев).

**ЖЕМДЕП СӨӨГҮН АГАРТУУ** *аңч.* Түлөктө отурган алгыр куш, бүркүттү бат түлөш үчүн күчтөп жем берип семиртүү.

**ЖЕМДӨӨ** *аңч.* Алгыр куш, бүркүткө жем берүү.

**ЖЕМЕ** Урушуп, тилдеп, жекирип айтылган сөз. *Батийнанын укканы, ачуу жеме, жегени таяк* (Сыдыкбеков). *Атай жеме угуп олтурууга чыдай албады* (Бейшеналиев).

**ЖЕМЕК** Көбүнчө чүкө оюнунда оңой утуп алууга жагдай түзүлгөн абал, ыңгайлуу шарт түзүлгөн учур. *Жемек кылып коюп бергенге мактанбасаңчы* (Бөлөкбаев).

**ЖЕМЕКЕЙ I** Жегич, ичкич, алдым-жуттум. *Жемекейлерге каршы чыгуу.*

**ЖЕМЕКЕЙ II** Жемечил, жемекор. *Майда-чүйдө болор-болбос жаңылыштык үчүн кулак-мээни жей берген жемекей киши.*

**ЖЕМЕКОР** Жемечил, көп жемелей турган, көп тилдей турган. *Жемекор адам. Жемекор боло баштоо.*

**ЖЕМЕЛЕ** Жемеге алуу, тилдөө, зекүү, жекирүү. *Жүдөп кеткен турбайбы, Көрүнгөнү жемелеп* (Токтогул). *Сен минтип жүрүп кантип адам болосуң? – деп келип Бурулкан жемелебеспи* (Элебаев).

**ЖЕМЕЛЕТ** **жемеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Жемелетип баламдын жүрөгүн өлтүрө албайм* (Сыдыкбеков).

**ЖЕМЕЛҮҮ** Жеме аралашкан, жекирген, зекиген. *Ачаке карыя Акбардын жемелүү сөзүнө чыйрала түштү* (Убукеев).

**ЖЕМЕЧИ** **жемекор** менен бирдей. *Жемечи киши көп сүйлөп, Жек көрүнөт келинге* (Токтогул).

**ЖЕМЕЧИЛ** **жемекор** менен бирдей. *Жемечил киши.*

**ЖЕМЖЕБИЛ** Өсүмдүктүн бир түрү.

**ЖЕМИН ЖЕДИРБӨӨ** Башка бирөөгө акысын кетирбөө, оңой эле жеңилип калбай өз укугун, өз намысын талашып теңтайлашуу, кем калышпоо. *Жамийла да бирөөгө жемин жедирбейт, айтышканы менен айтыша турган* (Айтматов). *Андай учурда Жылдызкан жемин жедирмек беле* (Байтемиров). *Балдарынын кичүүсү Мамат кишиге жемин жедирбей турган азамат болот го деп үмүттөнөт* (Каимов). *Осмонго жемиңди жедирчү болсоң, тилиңди бууйбуз* (Осмоналиев). *Неткен менен бири-бирине жемин жедире койчу да эмес* (Өмүрбаев).

**ЖЕМИР** Бир жак четинен кемире бузуу, кемитүү, уратуу. *Тоо суусу кылымдардан бери жээктерди жемирип сайга айлантып жиберген* (Каимов).

**ЖЕМИРИЛ** **жемир** этишинин туюк мамилеси. *Жемирилип, жарым-жартысы бузулуп калган эски дубал.*

**ЖЕМИРҮҮ** **жемир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕМИШ** 1. Мөмө берүүчү бактардын, бадалдардын желе турган мөмөсү. *Жемиши чексиз, кени көп, Туштугум, сендей жер кайда!* (Токомбаев). *Жол боюнда өскөн дарактардын жемиштери эчак бышкан* (Баялинов). *Жер жемиштин жыты бурuксуйт* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин ийгилиги, жакшы натыйжасы. *Техника – акыл, билимдин жеңиши, Катуу тарткан мээнеттин жемиши таттуу болот. Кыргыз спортчуларынын мелдеши эң сонун жемиштерди берип жатат* («Агым»).

**ЖЕМИШТҮҮ** 1. Жемиши бар, жемиши көп, мөмөлүү. *Көксөп жүргөн алыстан, Жемиштүү жерим аманбы?* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Ийгиликтүү, натыйжалуу. *Мектепте окуп билим алдым жемиштүү* (Осмонкул).

**ЖЕМКАНА** Жем сактала турган жай. *Сабыркул чоң эшикти ачып жемканага кирди* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖЕМКОР** 1. Жемди көп жеген, жемге жутунуп турган, жемге үйрөнүп алган (мал жөнүндө). *Колдон жем жеп жемкор болуп үйрөнгөн козу-улактар.* 2. *өт.* Паракор, бирөөнүн акысын жеген алдым-жуттум. *Арам тамак жемкорду, Айдап элден сүрүңүз* («Манас»).

**ЖЕМКОРОК** Жемди жакшы көргөн, жемге жутунуп турган жемкор.

**ЖЕМПИР** Ийрилген жиптен токулган жылуу кийим.

**ЖЕМСӨӨ** Канаттуулардын жеген жеми ашказанга түшүүдөн мурда жыйналып, жумшартылып тура турган кызыл өңгөчтүн моюн жакка орношкон кең бөлүгү. *Жорулар чоң жемсөөлөрүн көтөрүшүп, коомай кыймылдары менен айланасын карап, сактанган болушат* (Токомбаев).

**ЖЕМСӨӨР** *диал.* **жемсөө** менен бирдей. *Жемсөөрү чоң короз экен.*

**ЖЕНТЕК** Жаңы төрөлгөн баланын кубанычына арналып берилүүчү сый тамак. Мурда берилүүчү тамактардын ичинде сары май болушу шарт болгон, карынга салынган май бузулган. *Чакырып журтка берип-тир, Сегиз бээ союп жентекти.* («Манас» С.О.). *О, бешик боо бек болсун! Уулдуу болуптур деп угуп, жентек жейли деп келдик* («Ала-Тоо»). *Жыт чыгарып, боорсок жасап, элге жентек берип жатышкан экен* (Байтемиров).

**ЖЕНТЕКТЕ** Куда-сөөк, көңүлү жакын жакшы санаалаш адамдар тарабынан төрөлгөн баланы куттуктоо иретинде тамак-аш, ар кандай белектер алып келүү. *Баласын төрөгөндө ушул комуз менен өзүн жентектеп барам* («Эл акындары»). *Айылдагы жеңелер, Кубанып келген жентектеп* («Мендирман»).

**ЖЕНТЕКТӨӨ** **жентекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕНЬШЕНЬ** Чыгыш жактарда өсүүчү, тамыры дары өсүмдүк.

**ЖЕҢ I** Кийимдин колго кийилүүчү бөлүгү. *Көйнөктүн жеңи. Чапандын жеңи. Жеңи чолок бешмант.* ‖ *Сейит чапанынын бир жеңин чечип жиберип, чөгөлөп калды* (Сасыкбаев).

**ЖЕҢ II** 1. Согушта, салгылашууда жеңишке жетишүү, жоосун, душманын багынтуу, баш ийдирүү. *Октон мөндүр жааса да. Жоону жеңбей кайтпайбыз* (Токомбаев). *Совет эли жеңди деп, Тарыхка аты жазылды.* (Осмонкул). 2. Элдик, спорттук оюндарда, чебердиги, өнөрү ж.б. жагынан күч сынашууда артыкчылыгы бар экендигин көрсөтүү, беттешкен, каршы турган тарабын жеңилүүгө дуушар кылуу, алдыңкы орундарды ээлөө. *Ошол күнү да жеңген, Оодарыш менен сайышта* («Мендирман»). *Финалдык оюнга катышып, мында жеңип чыккан команда гана Кыргызстандын чемпиондугуна жетмек* («Ленинчил жаш»). 3. Өз ара жарышта, эмгек күрөшүндө ж.б. жогорку көрсөткүчтөргө жетишүү, ийгиликке ээ болуу. *Алдына киши салбай теримчиден, Бардыгын иши менен жеңип жүрдү* (Үмөталиев). 4. Кандайдыр бир кыйынчылыктардан, тоскоолдуктардан өтүүдө, каршы турууда ж.б. ийгиликтерге жетишүү, үстөм келүү. *Иш бүткүл кайгыны жеңет, көңүлдүн кирин кетирет* (Байтемиров). *Бышыкпаган чунакты, Чындап уйку жеңген соң* («Семетей»).

**ЖЕҢ ИЧИНЕН** Башкаларга билгизбей, астыртан, тымызын, жашыруун. *Жең ичинен, эчен-эчен, Калың үчүн акча алдым* (Маликов). *Чеке тердетпес оңой оокат издеген адам жең ичинен алып сатарлыкка өтөт да* (Касымбеков). *Ошол күнү эле Абил бий элеттин билермандарын шашылыш чогултуп, Бекназардын жең ичинен жүргүзүп жаткан аракетин чийинден чыккандык деп айыптады* (Касымбеков). *Ал эми сатуучулар болсо, жең ичинен жылдырып коюп, биз көрүп турсак да, өзүнө эч нерсени жууткусу келбейт.* **В.: Жең учунан.** *Жакшылардын жең учунан мүлтүлдөтүп жегени үчүн, үчөө тең кечээ мандикерге жөнөп кетти* (Жантөшев). **Жең учу менен.** *Иштиакырын, биротоло өчүрүү максатында жең учу менен кам көрүп жатышат* («Советтик Кыргызстан»). *Жең учу менен сүйлөш.*

**ЖЕҢГЕЛ** Токой, чер. *Жеңгелдин арасынан адамдын башы чыгып турганынан көрө, бир кур, Кулкишинин жүрөгү шуу дей түштү* (Касымбеков).

**ЖЕҢГЕТАЙ** **жеңкетай** менен бирдей. *Басып барган бала жок, Жеңгетай алган жеңе жок* («Сейтек»).

**ЖЕҢДЕ: жеңдеп коюу** Бүтө жаздап калуу, аяктап калуу, көпчүлүгүн бүтүрүп калуу (кандайдыр бир иш жөнүндө). *Жумуштун көбүн жеңдеп таштадым.*

**ЖЕҢДИР** **жең** этишинин аркылуу мамилеси. *Биз душманга жеңдирбейбиз, жеңебиз* (Барпы).

**ЖЕҢДҮҮ** Жеңи бар, жең салынган. *Чолок жеңдүү кара баркыт бешмант Алтынайдын көрүнүшүн экилендиргендей болот* (Жантөшев).

**ЖЕҢЕ** 1. Аганын аялы. *Жеңеси үй саап, сүт көтөрүп кирди* (Сыдыкбеков). *Өзүм Кундуздун жеңеси, чабан агасынын зайыбымын* (Бейшеналиев). 2. Жалпы эле өзүнөн улуу кишинин аялына же өзүнөн улуу аялдарга карата кайрылуу иретинде айтылуучу сөз. *Кыйкырсак кантет, Токтогул, Тигил кызыл тору жеңени?* (Токтогул). – *Жүрү жеңе, бүгүн колхоздун жумушу жок го. Көл боюна сейилдеп келели* (Сыдыкбеков). 3. Кыз менен жигиттин ортосунда жүрүүчү аял. *Жеңелер колтуктaшып күйөө кызды, Жөнөштү ак өргөөгө жаткызууга* (Үмөталиев). *Жанымда жеңе акылчы, Сенин пейлиң жакынчы* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ЖЕҢЕКЕ** Жеңеге кайрылуунун сылык түрү. *Арманым уксаң, жеңеке!* (Калык).

**ЖЕҢЕЛИК** Жеңеге таандык сапаттар, жеңенин милдети. *Ошол өлгөн жанды тиргизчи, Жеңелигиң билгизчи!* («Сейтек»).

**ЖЕҢЕЛҮҮ** Жеңеси бар. *Жергесиз келген баланы, Жеңелүү кылдым, кырк жигит* («Эр Табылды»).

**ЖЕҢИ КЕНЕН** Берешен, жоомарт. *Күн тосуп, алакан жая бата кылып, мобу жеңи кенен Жер үстүндө жүргөндүн өзү эле бакыт* (Даникеев).

**ЖЕҢИЛ I** 1. Салмагы аз, оор эмес. *Быйыл торпоктор былтыркыдан арык, салмагы да алда канча жеңил болуп чыкканына биз аябай өкүнөбүз* («Айыл чарба»). *Жеңил эле экен, кыйыктанбай ала барчы* («Чалкан»). ‖ Калың эмес, жука (көбүнчө кийимге карата). *Алар жеңил кийимчен* (Каимов). *Кырктай адам келди жеңил кийинип* (Осмонкул). 2. Коркунучтуу эмес, коркунучу жок, анча катуу эмес (мис, оору). *Атамдын оорусу жеңил эле өңдөнөт, көңүлү ачык* («Ден соолук»). *Чочуба, Касым баатыр, менин жарам жеңил* (Токобаев). 3. Анчалык кыйын эмес, татаал эмес, оңой, колдон келе тургандай, кыйынчылыгы жок. *Азыр шахтёр эмгеги үнөмдүү да, жеңил да болуп бара жатат* (Сасыкбаев). *Сенин ишиң жеңил, дурус* (Шүкүрбеков). 4. Шамдагай,

баскан-турганы, кыймылы элпек. *Бектай ачык-айрым, чепилдеген жеңил бала* (Бейшеналиев). *Адамдан жеңил, эң эстүү, Сүйлөп турса бал кептүү* («Эр Төштүк»). *Мышык жеңил секирип, эки арткы аягы менен тура калды* (Сыдыкбеков). ‖ Акырын, бек эмес, катуу эмес, үстүртөн, жумшак. *Таттуу кызынын маңдайынан жеңил өөп, кулүңдөп тиктеп турду* (Байтемиров). 5. Токтоо эмес, мүнөзү шайкелең. *Артык жеңил, дардаң күү Эң чандаак жан экен* («Эр Төштүк»). *Жеңил кыялдуу адамдарга сүйүүнүн не баркы бар* (Жантөшев). 6. Күчү жок, жөнөкөй гана, күчтүү эмес, анча-мынча, аз эле. *Уктар алдында жеңил тамактануу керек* («Ден соолук»).

**ЖЕҢИЛ II** 1. Анчалык оор абалда болбоо, азая түшүү, оордугу азаюу. *Машинадагы жүктөрдөн бир топ алгандан кийин жеңилдей түштү* («Ала-Тоо»). *Тердеймин деп тартынба, Тер чыкса денең жеңилет* (Маликов). *Кол орок кетип музейге, Кол эс алды жеңилип* (Үмөталиев). 2. Өзүн жакшы сезүү, сергий түшүү, кандайдыр бир оор нерседен, оор абалдан кутулгандай болуу, эс ала түшүү, жеңилдей түшүү.

**ЖЕҢИЛ III жең** этишинин туюк мамилеси. *Андайлар бизден жеңилип, Аласталды терилип* (Маликов).

**ЖЕҢИЛ БАА** Орунсуз сүйлөп, болор-болбос, өйдө-төмөн иштерге орду жок киришип, туура эмес иш кылып кадыр-баркын кетирип, баасын төмөндөтүп алган. *Езеф бул саам чолок акылга жеңдирип, көпчүлүккө жеңил баа боло түшкөнүнө кейиди* (Ашымбаев). *Койчу, мени ошончолук эле жеңил баа деп ойлойсуңбу?* (Бейшеналиев). *Болбогон ишке киришем деп, өзүн жеңил баа кылып алды* («Чалкан»). *Өзүнүн туруксуздугунан жеңил баа болуп алды* («Ала-Тоо»).

**ЖЕҢИЛ БАРЫП, ООР КЕЛ** Жолуң болсун, үзүрлүү, олжолуу кайт деген сыяктуу жакшы тилек, каалоо маанисинде колдонулат. *Жеңил барып оор кел, Тиркич моюн болугум. Бактысын тилейм жолуңдун* (Тоголок Молдо).

**ЖЕҢИЛ-ЖЕЛПИ** Оор эместикти, оңойлукту, жеңилдикти жалпылай көрсөтүүдө колдонулат. *Сиз үйлөнүүнү ошончолук жеңил-желпи нерсе деп эсептейсизби?* (Каимов). *Кезигип кээ бир кыздар тийишсе да, Үзүлүп, жеңил-желпи сөз катпаган* (Үмөталиев).

**ЖЕҢИЛ МАШИНА** Атайын жүргүнчүлөрдү, жүктөрдү ташууга эмес, ары-бери жүрүүгө, адамга, чакан жүккө ылайыкталган транспорт. *Алыстан бир жеңил машина келе жатат* (Каимов).

**ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫ** Калкка кеңири керектелүүчү буюмдарды чыгара турган өнөр жай тармактары.

**ЖЕҢИЛБЕС** Багынбас, майтарылбас, тайманбас, баш ийбес, күчтүү, жеңилүүнү билбеген. *Советтик чекти кайтарып, Жеңилбес кызыл эр турат* (Үмөталиев).

**ЖЕҢИЛБЕСТИК** Багынбастык, майтарылбастык, баш ийбестик күчтүүлүк. *Жыйырма сегиз баатырдын элеси жеңилбестиктин символу катарында элибиздин жүрөгүндө бекем сакталды* (Бөкөнбаев).

**ЖЕҢИЛГИС** Жеңилбеген, белсемдүү, кайраттуу, жеңүүгө мүмкүн болбогон, күчтүү. *Жеңилгис армия.*

**ЖЕҢИЛДЕ** 1. Оордугу азаюу, салмагы азаюу, жеңил болуу. *Чолпон жеңем жеңилдеген, Элечегин таштаган* (Бөкөнбаев). *Чал чоң ичигин чечкенге жеңилдей түштү* («Ала-Тоо»). 2. Өзүн жакшы сезүү, сергий түшүү, кандайдыр бир оор абалдан кутулгандай болуп эс ала түшүү. *Денеси чыйралып жеңилдей түштү* («Эл акындары»). *Муңдар үшкүрүк менен кошо алда кайда чачырап кеткендей жеңилдене түштү* (Элебаев). *Залда отурган көрүүчүлөргө үйүр ала түшкөндөй болуп, азыраак жеңилдей түшкөнсүдү* («Эл акындары»). 3. Оңолуу, түзүк абалга келип өйдөлөй баштоо, кыйын оор абалдан чыга баштоо. *Оорусу мурдагыдан жеңилдеп, айыгайын деп калды. 4.* Оңойлоо, жөнөкөй боло баштоо, солгун тартуу. *Иш жеңилдеп, бүтөйүн деп калды.*

**ЖЕҢИЛДЕН жеңилде** этишинин өздүк мамилеси. *Коноктор чапанын чечип жеңилденип оңдонуп отуруп жатты* (Элебаев).

**ЖЕҢИЛДЕТ жеңилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Көрөйүн жеңилдетип баскан жүгүн* (Үмөталиев).

**ЖЕҢИЛДИК** 1. Жеңил болгондук, салмагы аздык, оор эместик, анчалык оор эмес салмакта болгондук. *Канча кылган менен жыгачтын суудан жеңилдик касиети да* («Советтик Кыргызстан»). 2. Жөнөкөйлүк, татаал эместик кыйын эместик, оңойлук. *Айрым темалардын оор жеңилдигине карай сааттарды биринен бирине жылыштырууга болот. Бул иш аларга жеңилдик кылат.* 3. Оор басырыктуу эместик, шашмалык, токтоо эместик, жеңил мүнөздө болгондук. *Анан сага ушундай жеңилдик кылыш жарайбы?* (Жантөшев). 4. Кандайдыр бир оор абалдан, кыйынчылыктан жеңилдей түшкөндүк. *Бирок андан менин жүрөгүмө жеңилдик боло албайт* («Ала-Тоо»). 5. Башкаларга караганда жеңилдетилген шарттар, артыкчылыктар. *Налогдорду төлөө боюнча жеңилдиктер.*

**ЖЕҢИЛДИН АСТЫ, ООРДУН ҮСТҮ МЕНЕН** Жанын кейитпей, кыйналбай, оңоюна качырып, жеңил жашоону издеген, жеңил турмушту көздөгөн. *Жеңилдин асты, оордун үстү менен жүрүп күн өткөргөндөр да жок эмес* («Чалкан»).

**ЖЕҢИЛДӨӨ жеңилде** этишинин кыймыл атоочу. *Механизация өнүккөн сайын айыл чарба жумуштарында иштөө барган сайын жеңилдөөдө.*

**ЖЕҢИЛИН ЖЕРДЕН, ООРУН КОЛДОН АЛУУ** Каралашуу, жардамдашуу, ишин жеңилдетүү, керегине жароо. *Ушул үчөө чоңойсо, жеңилимди жерден, оорумду колдон алар деген үмүттү алдыма койдум* («Ленинчил жаш»). *Белек абам үй-бүлөсү менен келип, жеңилин жерден, оорун колдон алып, өзүнө тээк болсо деген тилегинин четин чыгарат, энем, мага* («Кыргызстан маданияты»). *Чарбанын жеңилин жерден, оорун колдон алган жаштар* («Советтик Кыргызстан»).

**ЖЕҢИШ I** 1. Согушта, жоокерчиликте, салгылашууда ээ болгон ийгилик, жеңип алуу салтанаты, жеңип чыгуу натыйжасы. *Элдин эңсеген тилеги орундалып, көптөн күткөн жеңиш күнү да келди* («Кыргызстан аялдары»). *Фашисттик Германия менен болгон согушта биздин элибиз улуу жеңишке ээ болду* («Ала-Тоо»). 2. Спортто, жарышта, мелдеште ээ болгон, жетишилген ийгилик, жеңип алынган жакшы натыйжа. *Спорттук жеңиш, Шахмат оюнунда ээ болгон жеңиш. 2.* Кандайдыр бир иште, эмгекте, алдыга коюлган максатты ишке ашырууга ж.б. жетишилген ийгилик, жакшы натыйжа. *Куттуктайм эмгек балбанын, Эмгекте жеңиш алганын* (Сасыкбаев). *Жашасын ленинизм – жеңиш жолу!* (Токомбаев).

**ЖЕҢИШ II жең II** этишинин кош мамилеси.

**ЖЕҢИШТҮҮ** Ийгиликтүү, жакшы натыйжалуу, жеңиш менен. *Жеңиштүү эмгек үчүн алынган кызыл туу чоң таштын үстүндө орнотулду* (Сасыкбаев). *Бактылуу бол, жеңиштүү кел, Арстан жүрөк бөбөгүм* (Токомбаев).

**ЖЕҢИШЧИЛ** Ар дайым жеңе жүргөн, жеңишке ээ болуп жүргөн, дайыма жеңе турган. *Жеңишчил, кужурмөн туулар асман мелжип желбирейт. Даңктана бер, Жеңишчил күрдөөлдүү калк!* (Сыдыкбеков).

**ЖЕҢКЕТАЙ** Кызды алганы келгенде же күйөөлөп келген кезде жигит же күйөө жолдоштор тарабынан кыздын жеңелерине берилүүчү акча, белек. *Желип келген жеңелер, Жеңкетайын алышты* (Тоголок Молдо). *Жеңем кандай жеңкетайларды алгандыгы жөнүндө энеме төкпөй-чачпай айтып берди* («Ала-Тоо»).

**ЖЕҢКЕТАЙЛЫК** Жеңкетай үчүн камдалган, жеңкетайга бериле турган акча, белек. *Жетелешип күйөө-кыз, Жеңкетайлык алар күн* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖЕҢҮҮ жең II** этишинин кыймыл атоочу. *Берекелүү эмгегибиз заардуу душманды жеңүү саатын тездетет* (Бөкөнбаев).

**ЖЕҢҮҮЧҮ** Жеңип чыгуучу, жеңип алуучу, жеңип чыга турган, жеңишке ээ болгон. *Эмгекчилер, Жеңүүчүлөр, Көкөлөткөн, Күрөш, жеңиш байрагын* (Үмөталиев).

**ЖЕП** Сын атоочтун жана тактоочтордун жепжеңил, жепжеке сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт. *Кетсе да бир сөз айтпай, боло түштүм Жепжеңил, түшкөндөй жүк– басып турган* (Үмөталиев).

**ЖЕП ЖИБЕРЧҮДӨЙ** Аябай каарданган, жекире карагандай, жаалын төккөндөй, жек көргөндөй кебетеде. *Езеф чукулдап келип Шволикти жеп жиберчүдөй карады* (Ашымбаев). *Шарапат көзүнүн кыйыгы менен Чечейбайды жеп жиберчүдөй тиктеп, эмне кыларын билбей турду* (Абдукаимов). **В.: Жеп ийчүдөй.** *Сурданып, жеп ийчүдөй болуп турган Айдакени тааныды* (Осмоналиев). **Жеп жибере жаздоо.** *Түшкө чейин жатканың эмнең? – деп аялын жеп жибере жаздады* (Укаев). Жеп коё жаздоо. *Аялдар Аннаны тытмалап жеп коё жаздашты.* (Ашымбаев).

**ЖЕПЕЙ** Жепирейген өтө жапыз болуп көрүнүү. *Шариптин боз тамы ого бетер жепейип жерге чөгө түшкөнсүдү* (Бейшеналиев).

**ЖЕПЕҢ: жепең-жепең** Кичинекей, бою жапыз, жалпайган кишилердин жеңил, элпек кыймылын, көрүнүшүн билдирүүдө колдонулат.

**ЖЕПЕҢДЕ** Жепең-жепең этүү, жеңил, элпек кыймылдоо (бою жапыз кичине адамдар жөнүндө).

**ЖЕПИЛДЕ** Эпилдеген өтө кичи пейил мамиледе болуу, асты-үстүнө түшүү, ыпылдаган элпек мамиле жасоо. *Дагы эмнелерди жасай коёюн деп жепилдейт.*

**ЖЕПИЛДӨӨ жепилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕПИРЕЙ** Жалпайып кичине болуп көрүнүү, жапыз, кичинекей көрүнүштө болуу. *Жепирейген боз тамдын жанына жалгыз түп өрүк өскөн* (Бектенов). *Арт жакта жепирейген алачыктар* (Үмөталиев)

**ЖЕПИРЕЙТ жепирей** этишинин аркылуу мамилеси. *Жепирейтип кура салуу.*

**ЖЕПИРЕЙҮҮ жепирей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕР** 1. Күндү тегерете жана өзүнүн огунда айлануучу күндөн кийинки үчүнчү планета. *Жер Күндү тегеренет.* 2. Кургактык (океан, деңиз ж.б. сууларга карама-каршы түшүнүктө). *Моряктар горизонтто жерди көрүштү. 3.* Биздин планетанын үстүнкү бети, үстүнкү катмары, кыртыш, топурак. *Борпоң жер. Кара топурактуу жер. Ак чополуу жер. Таштуу жер. Семиз жер.* 4. Айдоо, жайыт, чабык катарында пайдаланыла турган аянт, белгилүү бир участок. *Чабынды жерлерибиздин көпчүлүгүнө машина жүрө албайт* (Убукеев). *Айдоо жерлер кеңиди, Ак буудай арбын себилди* (Үмөталиев). 5. Өлкө, мекен, мамлекет. *Ошентип, Мыскал жаш өмүрдүн кымбат доорун Украина жеринде өткөрүп келди* (Сыдыкбеков). *Киндик каным тамган жер, Кеңеши бирге туутан эл* (Нуркамал). *Туулган жер Мыскалдын көзүнө алда эмнедей көрүнөт* (Сыдыкбеков). 6. Орун,

белгилүү бир жай. *Тандап алган жери – береги көлгө кирип барган булуңча* (Сыдыкбеков). *Ар жерден боз үйлөрдү көзүң чалат* (Шүкүрбеков). // Кандайдыр бир өлчөмдүү аралык. *Алтын Чолпонду кыйла жерге узатып барды* (Байтемиров). *Дал суунун орто жерине келгенде карады эки жакты* (Шүкүрбеков). ‖ Көбүнчө келген тарап же келин болуп келүүчү кыздын төркүндөрү, куда тарап. *Келин жаман эмес, келген жер жаман* (макал). *Арзыган жерден кыз алса, Адамга ушул жыргал да* («Олжобай менен Кишимжан»). 7. Дененин же кандайдыр бир нерселердин айрым бөлүгү. *Бир жериңиз ооруган жокпу?* (Байтемиров). *Көйнөгүнүн бир жери айрылып калыптыр* («Жаш ленинчи»). 8. Кандайдыр бир нерселердин, иштин, жөнүн, шартын, ал-абалын билдирүүдө колдонулат. *Андрейдин аты мүдүрүлүп кете жаздап, аз жерден калды* (Байтемиров). *Бурулча иштин ток этер жерине өттү* (Байтемиров). *Капа болом баарыңа, Ак жерден өлгөн Сарыга* (Токтогул). *Жакшы жери анча алыс эмес* (Сыдыкбеков). *Барпы жок жерден алтын тапкандай сүйүнүп кетти* (Байтемиров).

**ЖЕР АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ** Өтө кыйын, абдан оор абалга дуушар болуп, эмне кыларын билбей, көзү караңгылап, сендиректей түшүү. *Айдакенин эси оой түшүп, жер астын-үстүн болуп кеткенсиди* (Осмоналиев). *Жакшылыктан үмүт үзүп, жер астын-үстүн болуп чайпалат* (Бердикеев). **В.: Дүйнө астын-үстүн болуу.** *Дүйнө астын-үстүн болуп, жер көчүп бараткансып, кулак-башы чуулдайт* (Исмаилов).

**ЖЕР БАСПАЙ КАЛУУ** Эч нерсени көзүнө илбей, текеберленип, дөөгүрсүнүп, көтөрүлүп турган абалда болуу, менменсинип, мурдун көтөрүп, көөп кетүү. *Жаңыдан бийликке келишкендердин акылсыздары тез эле дердейип, жер баспай калышат* (Осмоналиев). *Чочуганым: Менменсинип жер баспай калган чунак, окус шартым жок деп коёбу дейм* (Бейшеналиев). *Бул атагыма жер баспай, таноом дердейип калса керек* (Осмоналиев). **В.: Жер бетине сыйбоо.** – *Пах, пах! Мына бул жамандын жер бетине сыйбай турганын карасаң!* (Укаев). **Жер баспоо**. *Анын жер баспай турган кезин көрдүм.*

**ЖЕР БАСТЫРБОО** Абдан аяп, бөпөлөп, бапестеп багуу, эркелетип, кадырлап өстүрүү. *Кундуз колунан келсе эч кимибизди жер бастырбай, төбөсүнө көтөргүсү бар* (Медетов).

**ЖЕР БЕЗӨӨ к. Жер чечегин безөө.**

**ЖЕР ДҮЛӨЙ** *же* **дүлөй** Ичинде чаң сыяктуу кара күрөң нерсеси бар кара, кара күрөң тоголок козу карындын бир түрү.

**ЖЕР ЖАЗДАНУУ** Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, көз жумуу. *Айлыбыздан эле кеткен азаматтарыбыздын далайы жер жазданып, алыста калды* (Абдыраманов). – *А мен жер жазданып калган чыгар деп ойлогом* (Касымбеков).

**ЖЕР ЖАЗДЫКТАР** Бийик тоолордогу мөңгүгө чектеш жерде, жайы-кышы суукка чыдап калыптанган, сырткы көрүнүшү жаздык сымал өсүмдүктөр.

**ЖЕР ЖАМАНДАП БАРБАСЫН** Көбүнчө өлгөн адамдын терс көрүнүшүн, кыялжоругун айтуудан мурда «өлгөн адамды жамандоочу эмес эле» дегендей мааниде эскертүү иретинде колдонулат. *Жер жамандап барбасын, Мадылдын тору кашка атын агаң Дорбу үстүнө ысык аркан чырматып жиберип, кулан чаар ат кылып, кара өзгөйлүк менен тартып алды эле, ошону мойнуңа ал* (Касымбеков).

**ЖЕР ЖАРЫЛУУ** Таң шооласы көрүнүү, таң ата баштоо. *Алар Пишпек станциясына барганда жер жарылып, чыгыш тарап үлбүрөңкү ак шоолага чулганды* (Ашымбаев). *Жер жарылып, таңдын шооласы ак жээктенип көз ачылды* («Ала-Тоо»).

**ЖЕР-ЖЕБЕРИНЕ ЖЕТҮҮ** 1. Ата-жотосунан бери козгоп, капкайдагы кемчилигин чукуп, аябай тилдөө, катуу жекирүү, жемелөө. *Бирөөнүн жер-жебирине жетип, эшикти көздөй баратканын көрүп, көзүм умачтай ачылды* (Жусупов). *Кемпир жер-жеберине жетип тилдеп кирди* («Ала-Тоо»). *Бир жутум жарма берсе да, боору таш Масылкан капкайдагыны айтып, жер-жебирине жетип туруп анан берет* (Баялинов). *Маасылкан Мураттын жер-жеберине жетип, үйүнөн кууп чыкты* (Баялинов) 2. Майда-чүйдөсүнө чейин, эчтемесин калтырбай айтып чыгуу, сөз кылуу. *Анын жер-жебирине жетип, баарын терип-тепчип отуруунун кереги эмне?* («Чалкан»). *Ал жер-жеберине жетип, эл алдында анын абийирин кетирүүгө аракеттенди* («Чалкан»).

**ЖЕР ЖУТКАНДАЙ** Ың-жынсыз, дайынсыз жоголгондой, жер алдына батып кеткендей. *Осмон бригадирди издеп жүрдү. Жер жуткандай жок ал* (Өмүрбаев). *Ошолор менен кошо жер жутуп кеткендей айлана жоошуй түштү* (Медетов).

**ЖЕР ЖУТКУР!** «Өлгүр», «өлүп кеткир» деген мааниде тилдөө, наалат айтуу, жемелөө иретинде колдонулат. *«Каскактай болуп, кайдан жетип келди эле бул жер жуткур» дешери айдан ачык* (Касымбеков). **В.: Жер соргур!** *«Үлүрөйгөн жер соргур!» – деп байбиче жаалдана баштады* («Ала-Тоо»).

**ЖЕР ЗАМАНДАН БЕРИ** *к.* **жер каймактагандан бери.**

**ЖЕР КАЗСА ДА** *к.* **төбөсү менен жер казса да.**

**ЖЕР КАЙМАКТАГАНДАН БЕРИ** Капкачан, атам замандан, алда качан, көптөн бери, небактан бери. *Мындай расми жер каймактагандан бери жок эле дегеним да*

(Үмөталиев). *Жер каймактагандан бери кошокторду бөктөрүп жүргөнсүп сүйлөйсүз да, жарыктык!* («Ала-Тоо»). *Биз ошол жер каймактагандан бери адамдын кулагы укпаган нерселерди иш жүзүнө ашыра турган адамдарданбыз* (Байтемиров). **В.: Жер замандан бери.** *Алардын шилтээр шумкары баягы эле жер замандан бери кой багып атагы чыгып жүрчү эле, көрчү муну* (Кыдырмышев).

**ЖЕР КАРАМА** Оюн ачык айта албаган уяң, жалтак, чечкиндүү эмес, өтүмү жок. *Жеме угуп жүрүп эле жер карама болуп калыптыр (*«Ала-Тоо»). *Кыз сымал назик жана жер карама болуп калышына куу турмуштун зардабы тийди* (Ашымбаев). *Энеси мунун баарын сезип, кызы түгүл өзү да жер карама болуп калды* (Абдукаимов).

**ЖЕР КАРАТПОО** Шагын сындырбоо, уят кылбоо, уятка калтырбоо. *Жокчулук бир жагынан, белдүү туугандын жогу бир жагынан жер каратып, элден кем кылган* (Ашымбаев). *Каңгыган агасын кошоктогон мырзаларынын көзүнчө жер каратпай... тосконуна Байымбет маашырлана баржактады* (Бейшеналиев). *Колукту үлпүнчөк ичинен нестейип тиктеп, ордунан тура кала тургандай болуп барып, не уяты, не чарасыздыгы, не атаны жер каратпоо көйү этегинен басты белем, ошол бойдон селейе түштү* (Касымбеков).

**ЖЕР КАРОО** Бир нерсеге кыжалат болгондой шылкыйу, онтойсуз абалда болуу, баш көтөрбөө, уялып бирөөгө тике карай албоо. *Мүмкүн Ысак өзү болгондо планды мынчалык көкөлөтпөй эле алына чактап кабылдамак, эми минтип эл алдында жер карап отурабыз* (Исмаилов). *Ачууга алдырганың ал. Эртең эле жер карайсың* (Айтматов). *Футбол талаасын өз күчүбүз менен куруп алабыз деген аракетибиз оңунан чыкпай, жер карап калдык* («Советтик Кыргызстан»). *Кандайдыр бир кара сакалдын доосу менен эл караган бетим жер карап олтурса эмненин тамтыгы!* (Каимов).

**ЖЕР КОТОРУУ жер оодаруу** менен бирдей.

**ЖЕР КӨТӨРГҮС** Абдан көп, өтө оор. *Жер көтөрө алгыс дүңгүрөгөн кол менен туш-тараптан Чыңгыс хандын кошуундары каптап кирип келди* (Үмөталиев). *Жер көтөргүс бул жорукту көрбөйүн деген Чөмүч молдо Жумгалга үй-бүлөсүн алып көчүп кетет* (Осмоналиев).

**ЖЕР КӨЧҮҮ** Абдан оор абалга дуушар болуп өзүн начар сезип, эсин жоготуп бараткандай абалда айласы кетип туруу. *Бир бутунан ажыраганын билгенде, Төлөмүштүн көңүлү караңгылап, жер көчүп кетти* (Бердикеев). *Шволиктин ыманы – заман болуп, алдынан жер көчтү* (Ашымбаев). *Бермет эстен танып, көзүнө эчтеме көрүнбөй, жер көчүп, нары-бери басып жүрдү* (Абдукаимов).

**ЖЕР КУЙ** Жердин түбү, түпкүрү, өтө алыс жер. *Зарыл иш чыгып калса, Азиз акемдерди издеп жер куйга да барам* (Жантөшев). *Жер куйга түшүп кеткенби, Кайрылып мында келгисиз* («Кожожаш»).

**ЖЕР КУЧАКТАТУУ** Өлтүрүү, көзүн тазалоо, жок кылуу. *Ушул колум менен далай жанды жер кучактаткамын. Бирок, Тоголок Молдонун куну кымбат Чоюбек болуш! – деп, паңсат башын чайкады* (Бейшеналиев).

**ЖЕР МАЙ** *эск.* Нефть маанисинде колдонулат. *Таш көмүр, жер май кендери бар* («Эркин Тоо»).

**ЖЕР МАЙЫШКАН** Аябай көп, сан жеткис, жер жайнаган. *Жети-Өзөндө Жедигер, Жер майышкан көп элди, Жетик Чоро жыйды эми* («Сейтек»). *Душман жер майышкан кол менен, дүңгүрөгөн сансыз артиллерия менен таңга жуук чабуул жасады* (Абдукаимов). *Баштагыдан беш бетер, Жер майышкан кол келет* («Манас»).

**ЖЕР МЕНЕН ЖЕКСЕН БОЛУУ** 1. Эч нерсеси калбай тыптыйпыл болуу, жоголуу, жок болуу. *Бир кездерде сен да урап, жер менен жексен болорсуң!* (Бектенов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жөн эле тепсеп кетсе, жер менен жексен болчудай* (Медетов). *Ал тепсендиде бычырап, чирип, жер менен жексен болбодубу* (Борбиев). 2. Өйдө карай албай, баш көтөрө албай катуу уят болуу, абдан кичирүү. *Эмне кыларымды билбей, кирерге жер таппай, жер менен жексен болдум.* **В.: Жексен болуу.** *Энеке! Ал дүйнө жексен болду, чырмалган эмгекчилер үздү торду* (Турусбеков). *Таштар кумдай быркырап, жексен болду далайлар* (Үмөталиев). **Жер менен жер болуу.** *Баш көтөрө албай жер менен жер болдук* («Ала-Тоо»).

**ЖЕР МЕНЕН ЖЕКСЕН КЫЛУУ** 1. Жок кылуу тыптыйпыл кылып жоготуу, кыйратуу, талкалоо. *Фашисттик жырткычты жер менен жексен кылмайынча, артынан түшкөнү түшкөн* (Баялинов). *Бай-манаптар бейкам элди тарпка конгон жорудай канын соруп, жер менен жексен кылып, бейкут журтту кансыраткан* (Бейшеналиев). 2. Баш көтөртпөй катуу запкы көрсөтүү, тебелеп-тепсеп колдон келет кылуу, кордук көрсөтүү. *Алсыз кедейдин кызы болгону үчүн каардуу кайнене анда аны жер менен жексен кылып кордогон* (Сыдыкбеков). **В.: Жексен кылуу.** *Фашистти жексен кылууну Баатыр аскер билүүчү* (Бейшеналиев). *Душманды жексен кылууга Балбандар турат тирелип* (Бөкөнбаев).

**ЖЕР МОЮНДОО** Жол арбытуу, баса турган жолун тендеп калуу. *Жолго чыгып алганбыз, Жер моюндап калганбыз* («Ырлар»).

**ЖЕР ОО жер оодаруу** менен бирдей. *Жетимдиктин залдарынан жер ооп, жыты*

*тааке бирөөлөрдүн көзүн карап, күйпүйгөн учурунда, Айылчы жолугуп калды* (Бейшеналиев). *Жер ооп орустар там куруп жатса, дубалына таң калышкан* (Осмоналиев).

**ЖЕР ООДАРУУ** Жеке бир адамдын же адамдар тобунун, болбосо бүтүндөй бир калктын жан сактоо үчүн бир жерден экинчи жерге келиши. *Айылдаштарынын көпчүлүгү бир жактан жер оодарып келгендей, бейтааныш жаштар* (Каимов).

**ЖЕР ПАЙЫ** Дубалдын түбү (таш төшөлгөн, фундамент куюлган). *Кирпичтерин жаздап-жайлап үчөөлөп куюп-кадап, аларды кургатып жаткан болучу, жер пайын орнотор жайын да камдап коюшкан* (Айтматов).

**ЖЕР САБОО** Буркан-шаркан түшүп, абдан ачуулануу, каарын төгүү. *Аялыңды күтө албай башыңды аттатып жибердиң, тыякта ажы агаң андан жер сабап олтурат* (Өгөбаев). *Канайдын журтка таштап кеткен бул кылыгына Бишкек жер сабап өкүрдү* (Үмөталиев).

**ЖЕР СЕМИРТКИЧ** Түшүмдүүлүктү жогорулатуу максатында кыртышка төгүлүүчү зат. *Минералдуу семирткич. Органикалык жер семирткич. Химиялык жер семирткич.*

**ЖЕР СОЛКУЛДАТКАН** Өтө көп, жер жайнаган, жер дүңгүрөткөн. *Бапшанын артынан жер солкулдаткан кайырчыдай колун созгон өрөөн ичиндеги көп эл кууп бара жаткансыды* (Жусупов).

**ЖЕР СООРУСУ** Жашоого жайлуу жер (абаырайы жагынан жашоого шартталган кара топурактуу дыйканчылыкка ылайыктуу жер, суусу менен чөбү мол, малга жайыты кенен жайлоо сымал жай). *Ата конуш кең Талас, Жер соорусу турбайбы?* («Сейтек»). *Бул жарыктык Ысык-Көл, Жер соорусу турбайбы, Жердесе Ногой тунбайбы* («Семетей»). *Арык жок, айдагандын баары чыккан, Москва – соорусу экен бүтүн жердин* (Үсөнбаев). *Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас, Жер соорусу турбайбы, Муну жердеген адам тунбайбы* («Семетей»). *Созулуп жаткан Ысык-Көл, Соорусу жердин турбайбы* (Сарногоев).

**ЖЕР СОРГУР** *к.* **жер жуткур.**

**ЖЕР СОЮЛТКАН** Быкылдаган, жер жайнаган, абдан көп болуп көрүнгөн. *Чак күндүз эле кедейлердин бапестеп өстүргөн эгинин жер союлткан, жутаган малга тебелетип, айматып кирди* (Бейшеналиев). *Манас жоосун багынтууга жер союлткан түмөндөгөн кол менен аттанат* (Тоголок Молдо).

**ЖЕР-СУУ** Тиричиликке жана чарбачылык иштерин жүргүзүүгө ылайык шарттары менен бирге жалпы эле жерлерди, тоолорду, өзөндөрдү ж.б. жалпылоо иретинде колдонулат. *Кедейлер жер-сууга ээ болгон заман. Жери-суусун сагынбай, жеңем аман жүрөбү* («Семетей»).

**ЖЕР-СУУГА БАТПОО** Абдан сүйүнүү, көңүлү көтөрүлүп, абдан толкундануу, көңүлү ачык, жайдары абалда болуу. – *Өзүм адам кейпине келип, кызматым гана тургай, бүт турмушум сонун боло баштаган үчүн жер-сууга батпай жүрөм.* (Эсенкожоев). *Балалуу болгонумда жер-сууга батпай, көңүлүм кушбак болуп жүрдүм* (Абдукаримов). **В.: Жерге батпоо.** *Калпа ажынын билермандарынын көзүнчө көтөрө чалганына, Бошкой жерге батпай калды* (Бейшеналиев). *Сабыр чоң атасынын мактаганына жерге батпай кетти* (Жусупов).

**ЖЕР-СУУНУ БУЗУУ** Абдан катуу бакыруу, бакырып-өкүрүп катуу үн чыгаруу, кыйкыруу. *Бир жылдан берки мээнетим канакей?! – деп Мария жер-сууну бузуп, Шволикти улам демите берди* (Ашымбаев). **В.: Жер- сууну жаруу.** *Аңгыча аялдын жерсууну жарып чаңырганы жан бүткөндү жайжайынан козгоду* (Ашымбаев).

**ЖЕР СҮЗҮҮ** 1. Баш көтөрө албоо, кыйроо, талкалануу. *Ошонун жылма мамилесине алданып, жер сүзүп кала жаздадым э... э...* (Бейшеналиев). *Кызыл каармандардын соккусуна туруштук бере алышпай душмандын көп колу тумшугу менен жер сүздү* (Бектенов). 2. Өзүн-өзү кармай албай шылк-шулк эткен же турууга шайы келбей, бутуна тура албай жатып калган абалда болуу (уйку менен алек болгон же мас болгон абалга карата) *Куру ичегисин аракка каарытып жер сүзүп жатар эле кээде* (Сасыкбаев).

**ЖЕР СЫЙПАЛАТУУ** Эч нерсесин калтырбай, тыптыйпыл кылуу, карайлатуу, куру алакан калтыруу. *Деңкейген акын чалыш Молдону жер сыйпалатпасаң, ыраазы эмесмин* (Бейшеналиев). *Касымбек... Тогуз-Тородогу тезек, тагай элдеринин мол эгиндерин шыпырып жер сыйпалата тоноду* (Бейшеналиев).

**ЖЕР СЫЙПАЛОО** Колунда эч нерсеси жок, бүт баарынан ажырап, сызга отуруп калуу, эч нерсе таппай калуу. *Эми минтип эки үйүргө жакын жылкысынан көз көрүнөө ажырап, жер сыйпалап отурат* (Үмөталиев). **В.: Жер сыйпоо.** *Жер сыйпап карайлаган мен кургур тоо булбулу Токтогулду алпештеп торолткон жеринен издеп өксүйүн* (Тоголок Молдо). *Эми кур жер сыйпап кайтканда, ого бетер куруйсуң го* (Бейшеналиев).

**ЖЕР ТАМ** Таманы тактайланбаган үй, жапыз башпаана.

**ЖЕР ТАМАНДАП КАЛ** Бирөөгө карата: «өлүп кал, жашабай кал, көмүлүп кал, жакшылык көрбөй кал» деген маанидеги каргоо. *Бизге жаманчылык ойлогон адам жер тамандап калсын!* (Бектенов).

**ЖЕР ТӨЛӨ** Жерди казып салынган, үстүнкү бөлүгү жер бетинен жарым-жартылай чыгып турган башпаана.

**ЖЕР ҮЙ** Жерден казып жасалган үй (кээ бир учурларда үстү жагына бир аз кошумча

дубал көтөрүлүп коюлат).

**ЖЕР ҮШӨӨ** Жаңы жердин шартына көнө албай, чочуркоо, жатыркоо, жүдөө. *Иниси жер үшөбөй, кара оокатка камбыл омоктуу эргулуна тартты* (Бейшеналиев). *Жер үшөбөй байырлагыла, Байымбет колумду узартып, чарбакты ээлесин, – деди Айылчы абасы* (Бейшеналиев).

**ЖЕР ЧАЛУУ** Тийип же басып алуу максаты менен эл-жердин ыңгайын байкоо, кароол кароо. *Кароол карап, жер чалып* («Семетей» С.К.).

**ЖЕР ЧЕЧЕГИН БЕЗӨӨ** 1. Өтө уккулуктуу, мукам үн чыгарып сайроо, ырдоо, чечен сүйлөө. *Чоор тиги кишинин оозуна тийгенде жер чечегин безейт, дүнүйө сырын чечип, айтып жаткандай болот* (Жантөшев). *Жигит жер чечегин безеп ырдады* («Ала-Too»). 2. Капкайдагыны айтып безеленип сүйлөй берүү же безилдеп көп сүйлөө, тили буудай куруу. *«Салаалап тарап сакалды, карылар айтсын макалды» деп сөзүн куюлуштуруп, анан булбулдай муңканып жер чечегин безейт эле* (Осмоналиев). *Тоголок Молдо жер чечегин безеп, хандан, бектен кайра тартпай, элди акыйкатка үндөп, жакырларга жан тарткан эр* (Бейшеналиев). *Калбүбү буркурап ыйлап, жер чечегин безеп жалынат* (Жантөшев). **В.: Жер безөө.** *Жер безеп сүйлөп жатты.*

**ЖЕР ЧИЙДИРИП КЕЛҮҮ** Абдан мыктылап, ойдогудай аткаруу, андан да жогорураак жасоо. *Кыз калыңсыз болсо да каадасыз болбойт, бетинде кызылы болсо 32 мүдөөнү жер чийдирип эле келер* (Жантөшев).

**ЖЕР ЧИЙҮҮ** Жерге тийип сүйрөлүп жүрүү, жерге тиер-тийбес абалда болуу. *Шинелдерин бозортуп, этектери жер чийип, аскер агайлар келишер эле* (Сыдыкбеков).

**ЖЕР ЧУКУП ОЛТУРУП КАЛУУ** Эмнекыларын билбей айласы кетүү, кыйын абалда калуу, аргасы түгөнүү. *Жармач туугандарың баш көтөрө алышпай жер чукуп олтуруп калышты* (Сыдыкбеков).

**ЖЕР ШАРЫ** Дүйнө жүзү, Жер планетасы *Заманым бар күйүп турган от жалын, Көрүп турган, жарык кылган жер шарын* (Үмөталиев).

**ЖЕР-ЭНЕ** Жер, жер бетиндеги жан жаныбарга ичээрине тамак, киерине кийим, жашарына жай болгон жердин улуулугу, ыйыктыгы, камкордугу, берешендигинин ызаат менен Энеге салыштырылып айтылышы. *Төрөгөн аялдай көшүлүп жатканыңдан, Жер-Энем. Мен сага бүгүн бүт өмүрүмдү айтып бердим* (Айтматов).

**ЖЕР ЭЭЛИГИ** Жерге ээлик кылуучулук.

**ЖЕР ЭЭЛӨӨЧҮ** Жеке менчик катары жерге ээлик кылуучу.

**ЖЕРБАЙЫ** Дубалдын түбү. *Тамдын аркасында кардын эриндиси көлкүлдөйт. Белгилүү – жербайында муштумдай таш же шапалактай кыш жок, ылай дубал алды, үстүнөн суу чылпылдап турса, кантип турушту берет* (Касымбеков).

**ЖЕРГЕ** 1. Белгилүү бир жер, өлкө, аймак. *Берекелүү Ала-Тоо Жергемден салам айтамын* (Үмөталиев). *Бактылуу элдин жергеси, Менин сүйгөн республикам* (Үмөталиев). ‖ Конуш, турак-жай. *Жергеси короо, жети бак, Кандай хандын ордосу* («Сейтек»). *Конушу шибер көпкөк чөп, Келишкен экен жергеси* (Токтогул). 2. Эл-журт, ага-тууган, айыл-апа. *Нусканы өзүң үчүн кылба, жергең үчүн кыл* (Жантөшев). *Желикпегин Канчоро, Жергеге эсен жетелик* («Сейтек»). *Тобуңдан кетсем аман бол, Толгон кыргыз жергеси* (Токтогул). ‖ Белгилүү бир чөйрөдөгү адамдар, айлана-тегеректегилер. *Жергеси чарчап болгону, Алты күн тартып толгоону* («Семетей»).

**ЖЕРГЕ АЛЫП КОЮУ** Өлгөн адамдын кийим-кечесин чечиндирип көмгөнгө чейин коё турган ордуна жайгаштыруу (боз үйгө же башка жайга). *Өлүктү жерге алып койгондон кийин, өлүк каадасы кылып жакындары жоктой баштады* («Ала-Тоо»). **В.: Чийге алып коюу.** *Өлүктү чийге алып коюптур.*

**ЖЕРГЕ БАТПОО** *к.* **жер-сууга батпоо.**

**ЖЕРГЕ БАТЫРБОО** Абдан катуу мактоо. *Жалгыз арчага сыйынып келип-кеткендер, Думананын кабарын жерге батырышпай, деле көкөлөтүп жиберишти* (Жусупов).

**ЖЕРГЕ БЕРҮҮ** Көмүү, сөөктү жерге коюу. *Түш оогондо Чорону жерге беришти* (Айтматов). *Далай баласын жерге берип, жүрөгү калган энеде жан жок* (Укаев). **В.: Жерге жайгаштыруу.** *Жолонду жерге жашыргандан бери төрт күн өттү* (Жоошбаев).

**ЖЕРГЕ-ЖЭЭК** Урук-тууган, жек-жаат. *Канат бутагыбыз өсүп, жерге-жээгибиз көбөйгөндөн кийин көрө жатарбыз* (Жантөшев). *Жерге-жээгиңер көбөйүп кенен өрүшкө конгула* (Жантөшев).

**ЖЕРГЕ КАЛТЫРБОО** Кыйып кетпөө, эстен чыгарбоо, айтылган сөздү же өтүнүчтү унутуп койбой орундатуу. *Ошол эл-жер жөрөлгөсүн жерге калтырбай эмки жаштар силер, айыл даңкын чыгарып жатасыңар* (Жусупов). *Досуң сени эч качан жерге калтырбайт.* **В.: Жерге таштабоо.** *Ал силерди эч качан жерге таштабайт, – деп Алымкул да толкундана сүйлөдү* (Абдукаримов).

**ЖЕРГЕ КИР** Тилдөө, жемелөө же жактырбоо маанисинде колдонулат. *Бала болбой жерге кир, карган ата-энеңе боор оорусаң боло! – деп, эжем мени уруша баштады. Малың менен жерге кир. Малың башың- да калсын, – деп апасынын каргап-шилеген сөздөрү кулагына даана угулду* (Мырзаев). *Айтканымды азыр бил, Малың менен жерге кир!* («Эр Төштүк»).

**ЖЕРГЕ КИРИП КЕТЕ ЖАЗДОО** Бир нерсеге катуу уят болуу, аябай уялып баш

көтөрбөө, эмне кыларын билбей өтө кыжалат болуу. *Акбала жерге кирип кете жаздады* (Укаев). *Ал досунун бул сөзүн укканда укса да укпамышка салып, жерге кирип кете жаздады* (Абдукаимов). *Атамдын кеңешин жерге калтырбай тил алдым* (Абдукаримов).

**ЖЕРГЕ-СУУГА БАТПОО** *же* **жерге батпоо** Абдан сүйүнүү, толкундоо, көңүлү көтөрүңкү, жайдары абалда болуу. *Мен жерге-сууга батпай, көңүлүм куунак болуп, өтө жайдары жүрдүм* (Абдукаримов). *Жерге батпай антаңдаган мени апам коңур үнү менен тосуп алды* (Осмоналиев).

**ЖЕРГЕ-СУУГА ТИЙГИЗБӨӨ** Абдан күчөтүп, көтөрө чалып мактоо, ашыра мактоо, аябай жеткире мактоо. *Эл эмчилигиңди жерге-сууга тийгизбей макташат экен* (Бейшеналиев). *Чоң энеси Алмазды жерге-сууга тийгизбей мактап, ошондо кандай гана сүйүнбөдү дейсиң* (Саякбаев). **В.: Жерге тийгизбөө.** *Сөздү чекир көз Шаршен алды, Баланы жерге тийгизбей мактап салды* («Чалкан»).

**ЖЕРГЕ ТАШТАБОО** *же* **жерге калтырбоо** Айткан сөздү же өтүнүчтү орундатуу, унутпоо. *Ал силерди эч качан жерге таштабайт,– деп Алымкул да толкундана сүйлөдү* (Абдукаримов). *Атамдын кеңешин жерге калтырбай тил алдым* (Абдукаримов).

**ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** Абдан сүйүнүү, көңүлү көтөрүңкү, жайдары абалда болуу, толкундануу. *Атам таанybaган бирөөнү эш кылып, жерге тийбей сүйүнүп жүрөт* (Элебаев).

**ЖЕРГЕ ТИЙГИЗБӨӨ** 1. *к.* **жерге-сууга тийгизбөө.** 2. Эч нерсе калтырбоо, тез эле алып кетүү. *Алар алма какты тим эле жерге тийгизбей талап кетет* (Абакиров). *Жерге тийгизбей алат.*

**ЖЕРГЕ ТҮКҮРҮҮ** Бир нерсени жек көргөндүктү, кабыл албагандыкты билдирүүчү сөз. *Анын бул кылыгын кайнатасы угаары менен жерге түкүрдү* (Ашымбаев). *Орозбайдын бул жоругуна таңыркаган эл жерге түкүрүп, толкуп токтогон* (Өгөбаев).

**ЖЕРГЕЛЕ** Катары менен келген абалда болуу, кыркалай жайгашуу. *Жылкы завод аттары, Жергелей тартып оттогон* (Осмонкул).

**ЖЕРГЕЛЕТ** **жергеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Жерге чыккан, көк шибер, Жергелете түр салат* (Осмонкул).

**ЖЕРГЕЛЕШ** Жери, эли-журту, ата мекени бирге, бир жерден. *Жергелеш элим барында, Элге тутка эр элең* («Сейтек»).

**ЖЕРГЕЛҮҮ** Эли-журту көп, эл-журттуу, урук-тууганлуу, түптүү, ата мекени бар, *Жергелүү журтум чабам деп, Бу кебиңди ким уксун* («Сейтек»). *Желпинтип тууну көтөрдүң, Жергелүү кыргыз тоосунан* (Токтогул). *Жеңишин тилейт ишиңдин, Жергелүү журтуң* (Бөкөнбаев).

**ЖЕРГИЛИГИ** *туурасы:* **жердиги.** *Жергилиги начар. Жергилигинен ушундай.*

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ** 1. Ушул жерлик, мурдатан ушул жерде туруктуу жашап келген, башка жактык эмес. *Жергиликтүү эл. Чаңкайган ак сарай үйлөргө алды менен жергиликтүү бечараларды орноштурушту* (Элебаев). *Кербен сарайда конгон кишилердин кимиси жергиликтүү, кимиси келгин экенин билбейсиң* (Абдукаримов). 2. Белгилүү бир жайга, территорияга гана мүнөздүү болгон, ошого таандык (көрүнүш, салт ж.б. карата). *Жергиликтүү тил. Жергиликтүү салт.* ‖ Жалпы мамлекеттик эмес, белгилүү территорияга, районго таандык, ошол чөйрөгө тиешеси бар. *Жергиликтүү уюмдар. Жергиликтүү бийлик. Жергиликтүү совет.* ‖ Башка жактан алынып келбеген, ушул жердин өзүндө өндүрүлгөн, даярдалган, ушул жерде мурдатан бар болгон. *Жергиликтүү товарлар. Жергиликтүү сырье. Жергиликтүү өнөр жай.*

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ УБАКЫТ** Белгилүү бир географиялык алкак, жер шарынын белгилүү бир пункту үчүн гана таандык болгон астрономиялык мезгил.

**ЖЕРДЕ** Белгилүү бир жерде жашоо, белгилүү бир жерде туруу, ошол жерди мекендөө. *Биз кыргызбыз, Ала-Тоону жердеген* (Маликов). *Ат-Башы, Нарынды жердеп, Омокан деген өткөн экен* («Эр Табылды»). *Бул арада илбээсин жок жердеген* (Токомбаев).

**ЖЕРДЕ КАЛБОО** Кароосуз калбоо, көңүл бурулбай калбоо, унутта калбоо маанисинде. *Бирок, мен андан деле жерде калбайм, жерде калган да жан эмесмин* (Абдыраманов). *«Мындай аял жерде калбайт – деп ойлойм* (Казакбаев).

**ЖЕРДЕН АЛЫП, КӨРГӨ УРУУ** Абдан катуу тилдөө, абийрин кетирүү, жер-жеберине жетип аябай жемелөө. *Акунжанды жерден алып көргө уруп, күн сайын Эрке кыздын көзүнө суук көргөзө берди* (Байтемиров). *Күйөө баласын эми жерден алып, көргө уруп, жамандап жүрдү* (Садыбакасов). **В.: Жерден алып, жерге уруу.** *Мукан ачуусу келип, Сайраны жерден алып, жерге уруп жатты* (Саатов). *Анын жер-жеберине жетип, жерден алып, жерге уруунун бизге кереги эмне?* («Чалкан»). **Көрдөн алып, жерге уруу.** *– Тигини карасаң! – Оронбай көзүн чанагынан чыгара карап, Чоңбашевди көрдөн алып жерге урду* («Чалкан»). **Жерден алып, көргө салуу.** *Атам «менин бир эле балам болобу» деп бечара апамды жерден алып көргө салат* («Советтик Кыргызстан»). *Бечара Бүбүнү жерден алып, көргө салат* (Сыдыкбеков). **Көрдөн алып, көргө салуу.** *Тилдептир көрдөн алып, көргө салып* (Турусбеков).

**ЖЕРДЕН БАШЫН АЛБОО** Бирөөгө тике, түз карай албай, башын салып төмөн караган абалда болуу (көбүнчө абдан уят болгон же күнөөлүү, кылмыштуу болгон учур-

ларга карата). *Ошондо да жерден башын албай, жакындарынын караанын көрөр бекемин деп кыңк этпейт* (Абдукаимов). *Ал биз кетер кеткиче башын жерден алган жок* («Ала-Тоо»).

**ЖЕРДЕН БООРУН АЛБОО** Абдан катуу ыйлоо, өзөлөнүп, аябай мунканып көпкө басылбай ыйлоо. *Жалгыз баласынан ажыраган бечара эне, жерден боорун албай өксөп жатты* («Ала-Тоо»).

**ЖЕРДЕН БООРУН КӨТӨРҮҮ** Чоңоюу, өсүп жетилүү, эрезеге жетүү. *Балдары да жерден боорун көтөрүп, мал-салды өз бет алдынча багууга жарап калышты.* (Үмөталиев). *Эңкейген карт баба жерден боорун көтөргөн неберелерине акылдашты* (Бейшеналиев). *Тагдыр аны жерден боорун көтөргөндө эле комуздан өмүрүндө ажырабай турган бир окуяга туш кылды* (Каимов). **В.: Жерден боорун алуу.** *Жерден боорун ала элек балдарына ким эмне жазат* (Айтматов).

**ЖЕРДЕН ЧУКУСА ДА** Эмне кылса да, кандай болсо да (сөзсүз табуу же орундатуу маанисинде). *Ошол эле күнү булардын старчыны Кыдык деген келип: «Жерден чукусаң да табасың», – деп, эки кой, бир серке чыгым салышты да кетишти* (Жантөшев). *Бирок, бизден калып кутулуп кетем деп ойлобо, жерден чукусак да таап алабыз* (Саатов).

**ЖЕРДЕН ЧЫГА КАЛГАНДАЙ** Капыстан, күтүлбөгөн жерден пайда боло калгандай. *Буга чейин үн-сөзсүз келип, эми жерден чыга калгандай эмнеге түйлаганына айраңтаң эле* (Укаев). *Жерден чыга калгандай болуп, булар жанатан кайда эле?* (Сыдыкбеков).

**ЖЕРДЕТ жерде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЕРДЕШ** Бир жерде туулуп-өскөн, бир жерлик, бир жерде жашаган. *Жердештерин көргөндө Гулайым жолдошторунан бөлүнө жөнөдү* (Бейшеналиев). *Күнү-түнү тилеймин, Көрсөм деп жердеш тууганды* (Токтогул).

**ЖЕРДЕШТИК** 1. Бир жерден экендик. *Жердештигибиз чын.* 2. *саяс.* Башкаруу, тейлөө, кызматка орноштуруу ж.б. иштеринде бир жерден экендигине карай иш жүргүзүү, көңүл бөлүү принциби. *Жердештик кылуу.*

**ЖЕРДИК I** 1. Теги, чыккан жери, түпкүлүгү, негизи. *Баатыр элден өскөн деп, Жердигиңди сүйгөмүн* (Нуркамал). *Товары жакшы, жердиги – бостон* (Таштемиров). *Атам эр, элим да эр, жердигим эр* (Мидин). 2. Буюмдун түпкү негизи, материалы, негизги үлгүсү, негизги түсү. *Жердиги боз, көк, кызыл оймолуу ала кийиздин үстүндө 7–8 жашар эки секелек кыз топ таш ойноп олтурушат* («Ала-Тоо»).

**ЖЕРДИК II** Белгилүү бир жерге таандык, тиешелүү, белгилүү бир жерден. – *Балам бул жерлик эмес көрүнөсүң, кайдан?*

**ЖЕРДИК III** Элден-журттан обочо, өзүнчө жалгыз жүргөн, элге кошулбаган, элден алыс жүргөн. *Сен жердик болуп кеткенсиңби?* ‖ Колго үйрөтүлбөгөн, жапайы. *Жердик куш.*

**ЖЕРДИК IV** *сейр.* Тартынбастык, күч-кайрат. *Баракелде, кырк жигит, Маашыр болдум эрдикке, Ыраазы болдум жердикке* («Эр Табылды»).

**ЖЕРДИН ЖЕТИ ТҮБҮ** Абдан алыс, өтө алыс. *Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбүз байманабыбыз ташыганынан келди дейсизderби* (Бейшеналиев). *Жердин жети түбүнөн эсен соо кайтса, учурашканыңыз жөн* («Кыргызстан маданияты»). *Куу турмуштун айынан жердин жети түбүнөн ооп келген (* «Ленинчил жаш»). **В.: Жердин түбү.** *Берсең бул жердин түбүнөн кайрылып бизди көрбөйт! – деп Кыргый эжем сыздады* (Сыдыкбеков). *Жолдон көргөн кордугун, ошол жердин түбүнөн жөө-жалаңдап келгенин айтты* (Жусупов). **Жердин жети катар түбү.** *Тоголок Молдонун бакисинин ардагыма айланганы, жердин жети катар түбүндөгү окуялардан, түшкө киргис түркүн элдин акын, дастанчыларынан, санжыралардан айткандыгы* (Бейшеналиев). **Жердин жети катары.** *Шылкыйба, байкең аман болсо, асмандын ары жагынан, жердин жети катарынан таап берем.* (Абакиров). *Жердин жети катарына чейин тешип өтчү жебе сыяктанып тик ылдый букут келатты* (Осмоналиев). **Жердин жети катмары.** *Андай акмакты жердин жети катмарына житип кетсе да табам* (Тойбаев).

**ЖЕРДИН ТӨРТ БУРЧУ** *к.* **төгөрөктүн төрт бурчу.**

**ЖЕРДИН ТҮБҮ** Абдан алыс, өтө ыраак. – *Ал жердин түбү эмеспи, эже! – Зуурақан жайдары айтты* (Сыдыкбеков).

**ЖЕРДӨӨ жерде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕРДҮҮ** Жери бар, жерге ээ. *Жерсиз-уусуз какшап жүргөн кедейлерди жердүү кылды* («Эркин Тоо»).

**ЖЕРЕҢ** 1. Кечил, бутпарас дининдеги курман чалуучу, диндик ырым-жырымдарды өткөрүүчү кызматкер. 2. *өт.* Бир нерсеге жан дили менен киришкен адам.

**ЖЕРИ** Жатыркоо, четтөө, тажоо, көргүсү келбөө. *Сайраса боюм эриди, Санааны жаным жериди* («Семетей»). *Казы, чучук жегем деп, Жарма нанды жерибе* («Ала-Тоо»). *Ата-эне бапестеп өстүргөн баласын эч качан жерип кете албайт* (Бейшеналиев). // Өз баласын жанына жолотпой, эмизбей, бакпай коюу (көбүнчө малга карата). *А дегенде уйлар музоолорду жерип эмизбеген учуру көп болду* («Айыл чарба»).

**ЖЕРИ ЖОК** Жөнү жок, негизи жок. *Анын бизге таарына турган жери жок. Барам деп коюп, эми анын арсарсый турган жери жок. Тез келсин. Айта бар.*

**ЖЕРИК I** Боюнда бар аялдын өзүнчө оорусу, кандайдыр бир тамакты өтө күсөп, башка тамактарды көргүсү келбегендиги. Талгак. *Жетпей жолборс жүрөгү, Жинди болуп байбиче, Жеригинен жүдөдү* («Манас»).

**ЖЕРИК II** Жек көрүү, көргүсү келбөө, жерүү. *Аракты арбын ичпесе, Акыл кайдан жериксин* (Осмонкул).

**ЖЕРИНЕ ЖЕТКИРҮҮ** Бирди көрсөтүү, акесин таанытуу, катуу жазалоо. *Ошентип эле көрсүнчү, тим эле жерине жеткирейин, – деп күпүлдөдү* («Чалкан»).

**ЖЕРИТ жери** этишинин аркылуу мамилеси. *Дос жеритип сүйлөйт, душман эритип сүйлөйт* (макал).

**ЖЕРКЕПЕ** 1. Жалпак үй же жердин өзүнөн казылып жасалган турак жай, жер үй. 2. *аск.* Аскерлердин согуш талаасындагы убактылуу бекинген жайы, блиндаж.

**ЖЕРЛИГИ жердиги** менен бирдей. *Жерлиги чыйрак жип. Жерлиги мыкты.*

**ЖЕРЛИК жердик I** менен бирдей. *Бакчада, ойноп жүргөн жемиш терип, Көнө элек балапандай чоочун жерлик* (Осмонов).

**ЖЕРСИН** Бир жерге үйрөнүп, жердеп калуу, жерим экен деп эсептеп калуу.

**ЖЕРТӨЛӨ** *тар.* Казылып салынган жер там.

**ЖЕРҮҮ жери** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕРЧИ** Жолду, ошол аймакты жакшы билген адам. *Жол адашпас жерчи.*

**ЖЕСЕК** 1. Чалгын. Жесекке аттануу. *Жесекке киши жиберүү.* 2. Кароол, сакчылык, күзөт. *Жесекте турган сен эмес, Жериңди чаап аламын* («Курманбек»). *Үч-төртөөңөр аттанып, Жылкыга жесек болуңар* («Эр Табылды»).

**ЖЕСЕКЧИ** 1. Чалгынчы, жесекке чыккан адам. *Жесекчи кыбалуу кыраакы болбосо жол чалынабы* (Жантөшев). 2. Кароолчу, сакчы, күзөтчү. *Калың малды кайтарган, Отуз калмак жесекчи* («Эр Табылды»).

**ЖЕСЕТ** *туурасы:* **жасат.** *Көмүлбөстөн талаада, Жесетим жерде калбасын* («Манас»).

**ЖЕСИР** Эри өлгөн аял. *А дегенде бардык көңүл кадырман карынын жаш жесирине бурулду* (Сыдыкбеков). *Тамаша кылба жыртаңдап, Эри өлгөн аял жесирге* (Токтогул). *Караламан калк түгүл, Кашында жесир олтурат, Кайып сындуу каныңыз* («Манас» С.О.). *Анда мен, белсенип жесир калганым. Чарыкты бутка таңганым* («Эл адабияты»). ‖ *сейр.* Аялы өлгөн эркек. *Менин жанымды жечү балабы, Бай Жакып жесир калабы* («Манас»).

**ЖЕСИР ДОО** *эск.* Кетип калган аялдын төркүнүнөн калыңдын белгилүү бир үлүшүн кайтарып берүү жөнүндө коюлган талап. *Кызымдын көз жашынан да жесир доонун зили күчтүү* (Сыдыкбеков). *Батыйнаны узатып Адыкенин жесир доосунан кутулсам, – деди Казак* (Сыдыкбеков).

**ЖЕСИРДИК** Жесир калгандык, жесирдин абалы. *Жесирдик башка түшүү. Жесирдиктин азабын тартуу, Жесирдик тартсын алганы* (Токомбаев).

**ЖЕТ** 1. Белгилүү бир орунга, жайга баруу, белгилүү бир жерге келүү. *Чуу чыккан жерге элден мурун жетет* (Байтемиров). *Өзүлөрүнүн участогунун чет жагына жетип токтой калды* (Байтемиров). 2. Жетиштүү болуу, кемип калбоо, толук болуу. *Кара нан жетпей ич ооруп, Турмушу кетти тарыга* (Токтогул). *Бир сыйра жеткенде, кымыз серке чаначтын колуна дейре түшө түштү* (Сыдыкбеков). ‖ Жеткиликтүү болуу. *Мага ушул айткандарың эле жетет, калганын жөн эле кой* («Ала-Тоо»). 3. Белгилүү бир куракка, жашка келүү. *Мен Байымбет акынга, Карылык жетип асылды* (Тоголок Молдо). *Сиздин жашыңызга жетсек жаштардан сый көрөрбүз* (Сыдыкбеков). ‖ Белгилүү бир сан чегине келүү. *Коюбуз 32 миңге жетти, – деди Курман* (Убукеев). 4. Бир нерсенин учуру, убактысы келүү, маалы болуу. *Тубар койлор желиндеп, Туур маалы жеткенде* (Осмонкул). *Күн жетти, мына эми жеңиш бизде* (Нуркамал). ‖ Белгилүү бир чекке чейин келүү, жетигүү. *Камка үстүндөгү эскилиги жеткен чапанынын чөнтөгүнө колун салды* (Сыдыкбеков). *Арыктыгы жеткен соң, Ак себептен баспады* (Тоголок Молдо). 5. Анык, абдан даана болуу, акырына чейин чыгуу. *Жеңемдин сөзүнүн көпчүлүгүнө жете түшүнө албасам да ордуман тура калдым. Акылсыз адам көп чыгат, Өткөн ишти кектеген, Акырына жетпеген* (Токтогул). 6. Тилеги, максаты, ойлогон оюу ж.б. ордунан чыгуу, орундоо. *Ал тилекке жеттик, кирдик окууга* (Токомбаев). *Эсен барсам элиме, Тилегиме жетемин* (Токтогул). 7. Кандайдыр бир нерсеге, буюмга ж.б. ээ болуу. *Көптөн көксөгөн буюмуна жетти.* 8. Бир нерсени аткарууга, орундоого мүмкүнчүлүгү болуу, күчү келүү, орундай алуу, аткара алуу, колунан келүү. *Алы жеткен оокатына каралашып турду* (Токтогул). *Чабышып чама жеткисиз, Кызыталак Төштүккө, Чарпышкан аман кежисиз* («Эр Төштүк»). ‖ Кадырлоо, сыйлоо, баалай. алуу сыяктуу мүмкүндүгү болуу. *Карын бөлө болсо да, Кадырыма жетпесе, Көрүнөйүн көзүнө!* («Семетей»). *Бабабыз черткен бул комуз, Баркына жетип ырдайлы* (Баялинов).

**ЖЕТЕ** 1. Жети атанын бири – жетинчи ата. *Жетинчи атаң – жетеңди билесиңби?* (Аман Көчөрбай уулу). 2. Түпкү укум-тукуму, ата-бабасы, теги, түбү, негизи. *Жигиттин гүлү Манапбай, Жетесин тарткан бек бекен?* (Сыдыкбеков). *Кекенип турган өкүнүч, Жетеге жетчү кек болуп* («Семетей»). *Жетеси акын эле... Тагдыр аны, жетелеп кудум сокур таягындай* (Токтомушев).

**ЖЕТЕК** 1. Жетелеп, коштоп алып жүрүү

абалы. *Жетекке бош ат коштогун* («Курманбек»). *Жүрө берет жетекке, Жүккө бели талыбас, Колхоздордун төөсү* (Осмонкул). 2. Бирөөнүн айтканы, дегени менен болуучулук. *Мен качанкыга чейин сенин жетегиңде жүрөм* (Каимов). *Көрүнгөндүн жетегине сүйрөлө берчү жарым эс эмесмин, – деди Самар* («Ала-Тоо»). ‖ Бирөөнүн жол көрсөтүүсү, жетекчилиги астында болуучулук. *Чүкөбай Зууранын жетеги, кеңеши менен иштер эле* (Баялинов).

**ЖЕТЕКТЕ** 1. Коштоп алуу, жетелеп алуу. *Куймөлбөй ат жетектеп жөнөп калдым* (Үмөталиев). 2. Бирөөнү өзүнүн айткан-дегенине көндүрүү, оюндагыдай башкарып алуу. ‖ Жетекчилик кылуу, башкаруу, жол көрсөтүү, сүрөөгө алуу. *Нуралы өздүк көркөм чыгармачылык кружогун жетектеп, дал ошол жерде иштейт* («Ленинчил жаш»). *Начарды жетектеп, тыңды ого бетер кош колдоп колтуктайбыз* (Бейшеналиев).

**ЖЕТЕКТЕЛ жетекте** этишинин туюк мамилеси, *Чаар ат жетектелип бош келе жатат.*

**ЖЕТЕКТЕШ жетекте** этишинин кош мамилеси.

**ЖЕТЕКТӨӨ жетекте** этишинин кыймыл атоочу. *Жетектөөгө алуу. Жетектөөдө болуу.*

**ЖЕТЕКЧИ** Башкаруучу, башчылык кылуучу, жетекчилик кылуучу, жол көрсөтүүчү. *Адашкыс кенен, даңгыр жолго салып, Бардыгын бир жетекчи баштагандай* (Үмөталиев). *Курулуштун жетекчилери менен болгон чогулуштан кийин, Байсалов кошко кеч кайтты* (Сасыкбаев).

**ЖЕТЕКЧИЛИК** Башкаруучулук, жол көрсөтүүчүлүк, башчылык кылуучулук. – *Биз да ошол Аким жетекчилик кылган колхозго саякатка барабыз, агай!* (Сыдыкбеков). *Мукай «Жаш гвардия» атындагы отрядга жетекчилик кылат* (Таштемиров).

**ЖЕТЕЛЕ** 1. Колунан кармап же коштоп ээрчитип алуу. *Маданият кичинекей бөбөгүн жетелеп ойноп жүрдү* (Сасыкбаев). *Коштоо атын жетелеп, Курман илгери жөнөдү* (Убукеев). *Ороктун үч эрден чыккан сойкусун жетелеп келген тура, мүшкүл* (Сыдыкбеков). 2. Акыл айтуу, жол көрсөтүү, жол баштоо, ээрчитүү. *Ар сабактан көмөктөш, Алга сени жетелеп* (Нуркамал). *Эрк таңына эмгекчини жетелеп, Бакты берип маңдайынан сылаган* (Калык).

**ЖЕТЕЛЕМЕ** Бирөөнүн жетегинде жүргөн, бирөөнүн ою, айткан-дегени менен болгон, өз алдынчалыгы жок. *Жетелеме киши.*

**ЖЕТЕЛЕН жетеле** этишинин өздүк мамилеси. *Кычан дагы эле таттуу кыялга жетеленет* (Шүкүрбеков).

**ЖЕТЕЛЕТ жетеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Зайыбы Күлүмканга эшек мингизип, төө жетелетип басып келе жаткан – Карып* (Жантөшев).

**ЖЕТЕЛЕШ жетеле** этишинин кош мамилеси. *Жетелешип жүгүрүп, Бирин бири ойнотот* (Осмонкул).

**ЖЕТЕЛӨӨ жетеле** этишинин кыймыл атоочу. *Мен агайдын жетелөөсү менен биринчи суроосун доскага араң чыгардым* («Жаш ленинчи»).

**ЖЕТЕЛҮҮ** Жетеси бар, тектүү. *Жетелүү адам.*

**ЖЕТЕНДЕН УРГУР!** Тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат. *Жетеңден ургурдун кылган ишин кара! – деп кожоюн мага ызырына баштады* («Ала-Тоо»).

**ЖЕТЕРЛИК** Жеткиликтүү, жете тургандай, жетиштүү. *Төлөйүн десем, ага жетерлик каражатым да жок* (Байтемиров).

**ЖЕТЕСИЗ** Тексиз, теги жок. *Атасыз уул – жетесиз* (макал).

**ЖЕТИ** 7 саны, эсеби. *Жети окуучу. Жети жаш. Жети сом.* ‖ *Жети өлчөп, бир кес* (макал).

**ЖЕТИ АТА** 1. Өз атаңдан тартып жети эсебине чейинки (жетинчисин кошо алганда) аталардын ысмынын тизмеси – эсеби. **к. Ата, чоң ата, баба, буба, куба, жото, жете.** *Жети атаңдын кимдер экенин аты-жөнү менен жаңылбай айтып берсең, алкыш менен ак батанын ээси болдум дей бер* (Аман Көчөрбай уулу). 2. Түпкү теги, ата-бабасы. *Жети атабыз башынан, Көргөн эмес мындайды* (Токтогул). *Менин жети атам тегирменчи болуп өткөн* (Сыдыкбеков).

**ЖЕТИ АТАҢДЫН БООРУН ЖЕ!** Бирөөгө жамандык тилөө, жакшылык көрбө деп каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Медериңдин калын же, жети атаңдын боорун же* («Манас»).

**ЖЕТИ АТАСЫН КАЛТЫРБОО** Абийирин кетирүү, эч нерсесине карабай аябай сөгүү, катуу тилдөө. *Жети атасын калтырбай эсинен кеткис кылдым* (Жигитов).

**ЖЕТИ АТАСЫН КӨЗҮНӨ КӨРГӨЗҮҮ** Эсине келгидей кылып жазалоо, сазайын колуна берүү. *Мен азыр барып, Сасыкбайдын жети атасын көзүнө көргөзөйүн, – деди Кебек карыя* (Байтемиров). *Арзыкулда эмнеси болсо да бул кемпирдин жети атасын көзүнө көргөзөйүн деген ой туулду* (Байтемиров). *Уятсыз макоо! Кемпир жети атамды көзүмө көрсөттү дегиң келбейт экен да!* («Ала-Тоо»).

**ЖЕТИ АТАСЫН ТААНЫТУУ** *к.* **акесин таанытуу.**

**ЖЕТИ КАҢТАРЫ БАР** Сыйдан же жакшы тамак-аштан куру калмасы бар, көп нерседен куру калат деген мааниде колдонулат. *Анын ошондой жети каңтары бар. Ушундай жети каңтары бар байкушсуң! Тигилер тарай электе келсең, жай-маанинди толук айтып калат элең да, эми айлаң эмне болот? – деп, жэжем кейий баштады* («Ала-Тоо»).

**ЖЕТИ КЕСЕП** Жан-жаныбарлардын,

табияттын ичинде болгон, болуп келген, боло берүүчү эч нерсеге моюн сунбаган көрүнүш. Алар: абалы, өрт, сел, жар, буудайык, кыргый, мышык.

**ЖЕТИ ОМУРТКАСЫ ЖЕРГЕ КИРҮҮ** *к.* **жети өмүрү жерге кирүү.**

**ЖЕТИ ӨЛҮП ЖЕРДЕ КАЛСАМ ДА** Амалым түгөнүп, мүгдүрөп, эң айласыз абалда калсам да, айлам куруп турса да. *Жети өлүп жерде калсам да, мындай итке бел бүкпөсмүн! – деп, Дөөт күүлөндү* (Осмоналиев). *Жети өлүп жерде калсам да, экинчи кайрылбасмын* («Ала-Тоо»). *– Мен сени жети өлүп жерде калсам да кор кылбайм. Андан көрө өзүң макул болчу?* (Саатов).

**ЖЕТИ ӨМҮРҮ ЖЕР ТАРТУУ** *к.* **жаны жер тартуу.**

**ЖЕТИ ӨМҮРҮ ЖЕРГЕ КИРҮҮ** Абдан катуу уят болуу, аябай уялуу, сынып калуу. *Төлөмүштүн жан тери келип, жети өмүрү жерге кирип, телмирип көпкө турду* (Бердикеев). *Жети өмүрү жерге кирип, ыза муундурса да Бурма көзүнө жаш албаптыр, өгөй эненин миң токмогунун бири деген го кыязы* (Кушубеков). *Жардап карап турган кыздар дуу күлүп жибергенде, Абдыкалыктын ого бетер паразаты тепселип, жети өмүрү жерге кирди* (Байтемиров). *Жерге кирип жети өмүр, Уялгандан өлбөдү* («Мендирман»). **В.: Жети өмүрү жерге кирүү.** *Тамак аңдып келгенсип жети өмүрүбүз жерге кирип, сыртка чыкканча шаштык* («Чалкан»). *Ал ызаланып шагы сынганынан жети өмүрү жерге кирди* (Бектенов). Жети омурткасы жерге кирүү. *Аны уккан сайын жети омурткам жерге кирип, ушу күндү көргүчө өлгөнүм жакшы деп кетчүмүн* (Абдукаимов). **Жети өмүрү жерге житүү.** *Чоң кишилер айтканда жети өмүрүбүз жерге житип, салбырап калчубуз* (Медетов).

**ЖЕТИ САН** Бүт баары, бардыгы. *Жергелүү калмак жети сан, Элиңди чаап аламын* («Курманбек»). *Жетиктен белин курчанган, Жети сан кара жоо чыкса, Жеке кирип кол салган* («Сейтек»).

**ЖЕТИ ТҮНДӨ** Абдан кеч, караңгыда, түндүн бир убагында. *Жети түндө кайда барам, андан көрө эртең үрөң-бараңда кетейин* (Укаев). *Жети түндө дүрбөлөң түшүп келген Шертайлар экен* (Бердикеев). *Мына кызык, жети түндө кыз бала ээн талаада жүрүппү?* (Саатов). *Жети түндө Суусамырда эмне бар* (Байтемиров).

**ЖЕТИ ШУМДУКТУУ** Укмуштуу, бир башкача, адам таң кала тургандай (өтө кызыктуу же коркунучтуу деген мааниде). *Өлүңө чайын! Бул эмнең, жети шумдуктуу!* (Осмоналиев).

**ЖЕТИГЕН** 1. Топ жылдыздын аты. *Үркөр төбөдөн кыйшайып, жетиген жамбашта жүрсө, ай жаңы гана чыккан* (Жантөшев). *Жетиген жылдыз батканча, Жети айланып эмизген* (Токтогул). 2. Кыргыздын бир уруусунун аты. *Көк милтени чоктотуп, Жетигендин тарабын, Жеткизбестен токтотуп* («Манас»).

**ЖЕТИГЕН ЖАК** Түндүк жак.

**ЖЕТИК** Кыраакы, акылман, кылдат, даанышман. *Акыл менен иш кылат, Адамдардын жетиги* (Тоголок Молдо). *Жетигиң Ленин куткарды, Жезиттин жаккан отунан* (Токтогул). ‖ Бир нерсеге жөндөмдүү, шыктуу, тетик. *Кадыр билген жар болсоң, Өзүң жетик билимдүү, Убадалуу жан болсоң* (Тоголок Молдо). *Ушунчалык эл сүйгөн, Өнөргө жетик устасы* (Осмонкул). ‖ Мыкты, чыгаан, кыйын. *Жетик күлүк Тоо кызыл, Желиктирип чуркатып* («Сейтек»). *Арстан Бакай олуям, Айласы жетик шер ошол* («Семетей»). *Жети баш кемпир сыйкырчы, Жетик амал салыптыр* («Манас»).

**ЖЕТИКТИК** 1. Жетиштүү болгондук, жеткиликтүүлүк, жеткилендик. 2. Кыраакылык, акылмандык, даанышмандык. *Акылдуу жеңең Айчүрөк, Жетиктигин билгизди* («Сейтек»).

**ЖЕТИЛ** 1. Жетиштүү болуу, бир нерсеге колу жетүү, оңолуу. *Акыр өлбөсөң, да бир күн жетилип кетесиң,– деди кемпир* (Элебаев). *Жетилсин деп жардыны, Санабадың беш, каман* (Токтогул). 2. Белгилүү бир деңгээлге жете өсүү, өнүгүү, бышуу, толуп жетүү. *Карганын балапаны деле канаты жетилип өзүнчө кетти.* (Шүкүрбеков). *Ак өрүк бышып, мөмөлөр жетиле баштады* (Абдукаримов). *Мен го анда кичине, Жетилбеген баламын* (Шамшиев).

**ЖЕТИЛДИР жетил** этишинин аркылуу мамилеси. *Жетим элең чоң кылдым, Жетилдирип мол кылдым* («Сейтек»).

**ЖЕТИЛИК** 1. Өлгөн кишиге багыштап куран окутуп, эл чакырып, жети күн толгондугун белгилеп берилүүчү тамак. *Эртең азыраак май, күрүч берейин, ошону менен жетилик өңдөңтүп куран окуттуруп кой* (Жантөшев). 2. Ойноло турган картанын жети белгиси бар кагазы. *Карганын жетилиги. Чырымдын жетилиги. Ачанын жетилиги.*

**ЖЕТИЛИК АШ жетилик** менен бирдей. *Жетилик ашын бергенде* («Семетей» С.К.).

**ЖЕТИЛТ жетил** этишинин аркылуу мамилеси. *Жети жашар болгуча, Жетилтип багып телчиттим* («Эр Табылды»).

**ЖЕТИЛҮҮ жетил** этишинин кыймыл атоочу. *Барган сайын жетилүүдө, Кырчын талдын кыскасы* (Бөкөнбаев).

**ЖЕТИЛҮҮ АТТЕСТАТЫ** Жалпы билим берүүчү орто мектепти бүтүргөндүгү жөнүндөгү документ. *Салтанаттуу түрдө жетилүү аттестаттары тапшырылды* («Ала-Тоо»).

**ЖЕТИМ** Ата-энеси экөө тең же алардын бири өлүп калган бала же жаш мал. *Сабыр атадай жаш калып жетим өскөн* (Сыдык-

беков). *Жетим калды улагы, Энеси ташка кулады* (Шүкүрбеков).

**ЖЕТИМ АКЫ** 1. Балдардын ата-энесинен калган мал-мүлккө болгон укугу, жетимдерге тиешелүү үлүш. *Эл соту ал балдардын жетим акысын өндүрүп берер* («Чалкан»). 2. *тар.* Аялы башка бирөөгө кетип калганда, ага короткон мүлкү, каражаты үчүн аялдын төркүнүнөн же барган жеринен төлөнүүчү акы. *Ак ойлоп, төп чечип, кеткен жетим акымды толугу менен кайрып бергиле,–деди Асантай бийлерге* (Сыдыкбеков). *Эң болбой калганда жетим акысын эки эсе өндүртүп мурунку куданы мүңкүрөтүп туруп, анан молдого талак катын чийдирет* (Сыдыкбеков). *Серкебайда кеткен катыны үчүн жетим акы доолаш оюнда жок* (Сыдыкбеков).

**ЖЕТИМ АРКА** Арканын аяк жагындагы кичинекей кыска аркалар. *Бир жетим арка колума тийди* (Элебаев).

**ЖЕТИМ КАБЫРГА** Жетим арка менен төш сөөгүнүн баш жагына бириккен кичине кабырга. *Сол жакkы жетим кабыргам сынып, төбөм айрылгандыгы докторлор тарабынан маалым болду* (Жантөшев).

**ЖЕТИМ КӨПӨЛӨК** Жарыкты же шамды айланып учуучу кичинекей боз көпөлөк. *Бир жетим көпөлөк лампаны, чарк айланып, дырылдап учуп жатты* (Баялинов). **В.: Шайтан көпөлөк.** *Жайында болот шайтан көпөлөк, Ал күндүз кашаят да, түнкүсүн көрөт* (Шүкүрбеков).

**ЖЕТИМДИК** Жетим калгандык, жетимдин абалы. *Ата-энесиз баламын. Жетимдигим – жаманым* (Токтогул). *Мүмкүн жетимдиктин запкысын көп тартып, турмуш Даниярды тез иштөөгө үйрөткөндүр* (Айтматов).

**ЖЕТИМЕН** Күн жел. *Жетименден түшкөн нур, Желесин тартып жошулуп* (Дүйшеев).

**ЖЕТИМИШ** 70 саны, эсеби. *Жетимиш киши. Жетимиш километр. Жетимиш сом.* ‖ *Жигитке жетимиш өнөр аз* (макал).

**ЖЕТИМИШИНЧИ** Жетимиштин иреттик саны. *Жетимишинчи катар. Жетимишинчи жыл.*

**ЖЕТИМКАНА** *эск.* Жетим балдар үйү, детдом. *Совет Өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып жетимкана ачып, өстүрүп жатат* (Баялинов).

**ЖЕТИМСИРЕ** Өзүн жетимдей, жетим калгандай сезүү, жетимдиктин каарын тартуу, жалгызсыроо. *Жал-жал карайт жетимсирейт, Үн жок, сөз жок балапан* (Токомбаев).

**ЖЕТИМСИРЕТ** **жетимсире** этишинин аркылуу мамилеси. *Заман, эмгекчи адамдар мени жетимсиреткен жок* (Сасыкбаев).

**ЖЕТИМСИРӨӨ** **жетимсире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕТИМЧЕ** Жетим балага карата эркелетүү маанисинде колдонулат. *Обдулуп он үч жашар бир жетимче, Сүйлөдү жаман тонун чечип салып* (Бөкөнбаев).

**ЖЕТИМЧИЛИК** **жетимдик** менен бирдей. *Жетимчиликти көп тарткан экенсиң,– деди кемпир* (Элебаев).

**ЖЕТИН** Жетиштүү болуу, кеңелип калуу, бир нерсеге колу жетүү. *Жүдөөнүн жайын сураган, Эл жетинсе кубанган* (Осмонов). *Жетинбеген кембагал, Жерлүү болуп каласың* (Барпы).

**ЖЕТИНЕ АЛБОО** Кубануу, сүйүнүү, абдан ыраазы болуу. *Өтө кадырман мейман уулуна назар салганына жетине албай маңдайы жарылды* (Касымбеков). *Бала жетине албай кубанды, бирок кандай алкыш айтаарын билбеди* (Айтматов). *Таякесинин тилегине жетине албай, Ашырбек күлүмсүрөп ичи элжирей карап турду* (Ашымбаев). *Айымжан кызынын кебине жетине албай күлүп коёт* (Сыдыкбеков).

**ЖЕТИНИН АЙЫ** Кыргыздын элдик календарынын тогузунчу айы, октябрь айына туш келет.

**ЖЕТИНҮҮ** **жетин** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЕТИНЧИ** Жетинин иреттик саны. *Эртең майрам, күн жетинчи ноябрь* (Осмонов).

**ЖЕТИҢКИРЕ** Эптеп жеткен абалда болуу, толук жеткиликтүү боло бербөө, өп-чап жетишүү. *Каражат жагы жетиңкиребей турат.*

**ЖЕТИШ** 1. Жетиштүү болуу, кемип калбоо, тиешелүү өлчөмдө, канааттандырарлык абалда болуу. *Ат жетишпейт. Мага азырынча кассирлик деле жетишет* (Каимов). 2. Үлгүрүү, өздөштүрө алуу. *Өзү окуткан бала сабагынан жетишсе, мугалим кубанат* (Сыдыкбеков). ‖ Бир нерсени иштөөгө, аткарууга чамасы жетүү, мүмкүнчүлүгү болуу. Үлгүрүү. *Колхоз иштин бардыгына жетишип жатат* (Таштемиров).

**ЖЕТИШЕРЛИК** Жете тургандай, жетиштүү өлчөмдө, канааттандырарлык. *Жетишерлик каражат. Жетишерлик жардам. Жетишерлик билими бар.*

**ЖЕТИШКЕНДИК** Жетишилген ийгилик, ийгиликтүү натыйжа. *Биздин максат так ушу жетишкендиктерге теңелүү* (Байтемиров). *Алдыңкы тажрыйбаларды жана илимдин жетишкендиктерин ар бир колхозго жана совхозго киргизүү* («Советтик Кыргызстан»).

**ЖЕТИШСИЗ** Жетиштүү санда эмес, аз, кемчил. *Жетишсиз куралдарды сатып алуу. Унаа күчтөрү жетишсиз болуу.*

**ЖЕТИШСИЗДИК** 1. Жетиштүү санда болбогондук, кемчил болгондук. *Тамак-аштын жетишсиздиги. Кийим-кечениn жетишсиздиги.* 2. Иштеги кемчилик, иштин начар жагы.

**ЖЕТИШТИР** **жетиш** этишинин аркылуу мамилеси. *Ак санаа – жолдош, жарым ырыс, Жетиштирет муратка* (Токомбаев).

**ЖЕТИШТҮҮ** Жеткиликтүү, толук, жетерлик өлчөмдө. *Кышка отун жетиштүү даярдалды. Айыл чарба адистери жетиштүү болбогондугуна байланыштуу эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөн болуп жатат.*

**ЖЕТИШТҮҮЛҮК** Кандайдыр бир нерселердин жетиштүү өлчөмдө экендиги, жеткиликтүүлүк. *Эмгек куралдарынын жетиштүүлүгү.*

**ЖЕТИШҮҮ жетиш** этишинин кыймыл атоочу. *Өнөр жай товарларын көп өндүрүүгө жетишүү. Тез жана так иштөөгө жетишүү.*

**ЖЕТКЕН** Барып турган, аябаган, абдан, өтө. *Жеткен куу. Жеткен жаман. Мындай кызматка ак ниеттүү жана жеткен чарбачыл адам керек* (Каимов).

**ЖЕТКИЗ жет** этишинин аркылуу мамилеси. *Ээрчитип элин артынан, Жеңиштерге жеткизген* (Үмөталиев).

**ЖЕТКИЛЕҢ** 1. Бардык жагынан төп келишкен, жетик, билгич. *Жеткилең бабаң зор Манас, Жердегени кең Талас* («Сейтек). *Жесир жүрүп ат чапкан, Жеткилең жеңен, ушул эр* («Манас»). 2. Толук жетиштүү, жетишерлик даражада, жеткиликтүү. *Абылдын оокаты тың, өз алдынча жеткилең, таза* (Сыдыкбеков). *Жети-Өзөндө жедигер, Кадимкидей беш ай болуп, Жеткилең кыйын той кылып* («Сейтек»).

**ЖЕТКИЛЕНДИК** Абдан мыктылык, жетиктик, билгичтик. *Жеткилеңдигин билдирүү. Жеткилеңдик жайы бар.*

**ЖЕТКИЛИКТҮҮ** Жетиштүү, жетишерлик санда, кемчил эмес, толук жете тургандай. *Жеткиликтүү оокат. Жеткиликтүү санда камсыз кылуу.*

**ЖЕТКИНЧЕК** Жаш өспүрүм, өсүп келе жаткан жаштар. *Бүгүнкү жаш жеткинчек бөбөк – эртеңки келечектин, мамлекеттин ээси* («Кутбилим»). *Зуура келип жеткинчектердин ишин көрүп, кубанчынан жылмайды* (Баялинов).

**ЖЕТКИР I** *сейр.* Жетик, жеткилең, ар нерсеге бышкан. *Жеткир бала. Жеткир жигит.*

**ЖЕТКИР II жеткиз** менен бирдей. *Абылкасым Ракыяны үйүнө чейин жеткирип барды* (Байтемиров).

**ЖЕТОН** Бир нерсенин шарттуу белгиси катары колдонулуп, ошол нерсени алууга укук берүүчү тыйын сыяктуу тегерек металл.

**ЖЕТӨӨ** Жетинин жамдама саны. *Акылгер баатыр жалгыз, алар жетөө* (Калык).

**ЖЕТҮҮ жет** этишинин кыймыл атоочу. *Камчыландым, ал айылга жетүүгө* (Токомбаев).

**ЖЕШ же II** этишинин кош мамилеси. *Кош, мындай отуруп тамак жеш* (Жантөшев).

**ЖЕШИЛ** Сүрүлүүдөн жышылуу, жоюлуу, желип, өйкөлүп жукарып да ичкерип калуу. *Темир аркан да жешилип болгон экен да* (Сасыкбаев).

**ЖЕШИЛТ жешил** этишинин аркылуу мамилеси. *Туягын ташка жешилтти.*

**ЖЕШИЛҮҮ жешил** этишинин кыймыл атоочу. *Көп сүрүлүүдөн жешилүүгө дуушар болуу.*

**ЖИБЕК** 1. Тыт жыгачынын жалбырагы менен азыктанган курттардан өндүрүлүп алынуучу жумшак, жылмакай, назик, жалтырак жип. *Бүгүн Каныш эпкиндүү кыз, Колдон жибек чыйраткан* (Бөкөнбаев). ‖ Ушул жиптен же жасалма буладан токулган кездеме. *Кызыл жибек. Ак жибек.* ‖ Ушундай кездемеден тигилген, жасалган. *Жибек көйнөк. Жибек жоолук.* 2. *өт.* Өтө назик, сылык, сыпаа (мүнөзгө карата). *Кыздын жибеги.* ‖ *Эненикиндей жибек жүрөк бала үчүн дүйнө жүзүндө болбосун мен кантип билбейин* (Байтемиров).

**ЖИБЕК КУРТ** Тыт жыгачынын жалбырагы менен азыктанып, жибек буласын пайда кылуучу курт.

**ЖИБЕКЧИ** Жибекчилик менен иштеген, жибекчилик кесибин билген адам. *Өз кесибин мыкты билген жибекчи.*

**ЖИБЕКЧИЛИК** Жибек курттарын багуу жана жибек өндүрүү жагынан жүргүзүлүүчү чарба. *Жибекчилик иштери.*

**ЖИБЕР** 1. Бирөөнү же бир нерсени бир жакка жөнөтүү, бирөөнү бир жакка жумшоо. *Жиберсем деп ойлосом, Бой тарткан менде бала жок* («Мендирман»). *Алдына киши жиберип, Айттырам кабар мен сага* («Эр Табылды»). *Кат жиберип, кайталап, Жообун алдым бир гана* (Токомбаев). *Абдылда Ыйлаакты башка жылгага жиберди* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир нерсе аркылуу же бир нерсенин жардамы менен коё берүү, жүргүзүү. *Шамбет арыктарга суу жиберип коёт* (Сыдыкбеков). ‖ Жайылтуу, таратуу, берүү. *Дүйнөгө нуруң жиберип, Ойготкон сенсиң, Октябрь* (Бөкөнбаев). *Көп жашасын бизге таалай жиберген Улуу киши, анын баатыр элдери* (Токомбаев). 3. Кыймыл-аракеттин, кубулуштун болушуна же тез аякташына карата көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Фабрикага жеткенде жамгыр төгүп жиберди* (Сасыкбаев). *Чоң эне шуу үшкүрүп жиберди* (Сыдыкбеков). *Мени уят кылбай ырдап жиберчи* (Сыдыкбеков).

**ЖИБЕРИЛ жибер** этишинин туюк мамилеси. *Бул балдар, сөзсүз, окууга жиберилсин* (Сыдыкбеков).

**ЖИБЕРТ жибер** этишинин аркылуу мамилеси. *Айылдан кабар жибертпей, Келбейби сиздей асылга* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖИБЕРҮҮ жибер** этишинин кыймыл атоочу. *Алексей айтып муну ойлоп калды, Кимдерди жиберүүнү ойлогондой* (Үмөталиев).

**ЖИБИ** 1. Ар кандай катуу, катыңкы нерселер катыган, тоң абалдан сууланып же нымданып жумшарган, эрип бошондогон, былкылдаган жумшак абалга келүү. *Үстү кар суусуна жибип, алды тоң бойдон*

*жаткан чопо бир аз булоолонуп дымыгат* (Сасыкбаев). *Чөптөрдүн жайнаган көк тамырлары жаанга жибип, жер бети үлбүрөй түштү* (Сыдыкбеков). *Куур тоң терге жибип шылбырады* (Бөкөнбаев). ‖ Балкуу, көөлгүгөн абалда болуу. *Аны, көргөн чүрөктүн бою жибип, Сүйүү оту тутанды жалын жыйнай* (Шимеев). *Кан жүгүрүп тамырларга, Каткан дене жибиди* (Үмөталиев). 2. *өт.* Бир нерсеге муюшуу, көңүлү жумшаруу, ийигүү, көңүлдөнүү. *Тамара акырында жибип, сыйга даярданмакчы болду* (Бейшеналиев). *Көз алдыма Карачачтын оңой менен жибий койбос туруктуу жүзү тартылат* («Ала-Тоо»).

**ЖИБИН ТАРТЫП КӨРҮҮ** Астыртан, тымызын байкоо салуу, ой-пикирин, сырын тартуу, чекмелөө. *Чекмелеп бир катар тузак салып, жибин тартып көрдү* (Үмөталиев). *Бирок Барскан Качыкени атууга эмес, анын жибин тартып көрүүгө, аны өз бооруна тартууга келген* (Сыдыкбеков). **В.: Жүнүн тартып көрүү.** *Бир жагы «и, бек тукуму деп саал чоочуркашып, саал ишене алышпай, жүнүн тартып көрүп үгүттөп турушканы эмеспи» деген өкүнүчү да болучу* (Касымбеков).

**ЖИБИТ жиби** этишинин аркылуу мамилеси. *Терини жыдытайын деп жибитип койсом, ит тытып таштаптыр* (Касымбеков).

**ЖИБҮҮ жиби** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИВОПИСТИК живопись** дегенге таандык. *Живопистик чыгарма.*

**ЖИВОПИСЧИ** Живопистик сүрөттөрдү тартуучу художник.

**ЖИВОПИСЬ** 1. Боёк менен сүрөт тартуу искусствосу. *Живопись сабактары. Адабиятта, живописте, архитектурада кандай укмуш гениалдуу чыгармалар бар* (Шимеев). 2. Искусствонун ушул түрүнө таандык чыгармалар (картиналар ж.б.). *Берлинди алуу темасында тартылган живописter, графикалык иштер.*

**ЖИГДЕ** *диал.* Жийде.

**ЖИГЕР** 1. *диал.* Боор. *Жигерим тешип кеткендей, Көзү жаман көрүндү* («Эл адабияты»). *Түшкөн мээрди түртпө келин, Эми эзбегин жигерди* (Токомбаев). 2. *өт.* Кайрат, күч, кубат, дем. *Силердин эмгек бизге күч, бизге жигер, мына ушуну унутпагыла* (Сыдыкбеков).

**ЖИГЕРДЕН** Кайраттануу, күчтөнүү, дем байлоо. *Шыгай жигерденип тыкан иштөөчү* (Сасыкбаев).

**ЖИГЕРДЕШ** Боордош, бооору бирге, бир боор, жакын адам. *Гаврилов болсо анын жигердеши* (Сасыкбаев).

**ЖИГЕРДҮҮ** Кайраттуу, кубаттуу, демдүү. *Ашыр өзүн мурдакыдан бөтөнчө сезип, жигердүү, толкундуу болуп кетти* (Сасыкбаев).

**ЖИГЕРДҮҮЛҮК** Кубаттуулук, кайраттуулук, демдүүлүк. *Баланын жигердүүлүгү жана комуз жандуулугу аны чыйралтып жана курчутчу* (Каимов).

**ЖИГЕРИМ** Бир боорум. *Жигерим деп ыйлашып, Эл келгенин көрбөдүм* («Эл адабияты»).

**ЖИГЕРЛЕН жигерден** менен бирдей.

**ЖИГЕРЛҮҮ жигердүү** менен бирдей. *Кимисинин болбосун жүзүнө жигерлүү тиктейм* (Абдыраманов).

**ЖИГИ АЖЫРОО** Чыр-чатак, нааразылык чыгып бөлүнө баштоо, ыркы кетүү, ыдырай баштоо. *– Мына, букара бир дөбө, байлар бир дөбө болдук! Букаралар менен байлардын жиги ажырады. Оо, журт, булардын кылыгын көрдүңөр го, о! – деди Баракбай кыйкырып* (Үмөталиев). **В.: Жик түшүү.** *Ошентип, кийинки болуштукту шайлоодо алардын арасына жик түштү* (Үмөталиев).

**ЖИГИН БИЛГИЗБӨӨ** Кандайдыр бир иш же бир нерсе жөнүндө шек алдырбоо, жашыруу, сыр алдырбоо, жашырып жабууга аракет кылуу. *Өз жемсөөлөрүнө чыгарылгандардын көзүн гана тургай, жытынын да жигин билгизишпейт* (Бейшеналиев). *Эгер мунун жиги эле билинсе, пады- шанын төрөлөрү бизден көрүүгө мүмкүн, көчкүнүн жүрүп кетишин* (Үмөталиев).

**ЖИГИТ** 1. Бой жеткен, эр жеткен эркек, боз улан. *Чүкө ойнобойт, Жигит болгон кулунуң* (Турусбеков). *Жигит болуп калган уулу бар эле* (Сыдыкбеков). *Кара мурутун багжайта койдурган кызыл жигит* (Жантөшев). ‖ Тайманбаган, тартынбаган кайраттуу жаш адам, азамат. *Жигит өлөр жерине күлүп барат* (макал). *Эр жигит эл четинде, жоо бетинде* (макал). *Эр Жунуш, баракелде, жигит дешип, Калың эл күбүрөшөт, кибиктешип* (Токомбаев). ‖ Күйөө боло турган же көңүлү жакын жаш адам. *Жигит келсе, кыз даяр* (макал). *Айша жигитинин адамгерчиликтүүлүгүнө, акылдуулугуна, билимдүүлүгүнө ыраазы болуп, ичинен элжиреп жакшы көрүп, сыймыктанып карап олтурду* («Эркин тоо»). 2. *тар.* Хандардын, кол башчыларынын ж.б. кызматын кылуу менен бирге, алардын өздөрүн да кайтаруу, атайын тапшырмаларын орундатуу иштерин жүргүзүп туруучу кишиси. *Чакырып келгин деп хан жигитин жибериптир* («Жомоктор»). ‖ *тар.* Бийлик башында тургандардын, болуштардын ж.б. аткаруу иштерине жумшоочу кызматкери. *Самсаалы Сагынбай старчындын жигити, менен айтыша кетти* (Абдукаримов).

**ЖИГИТ-ЖАЛАҢ** Бирөөнүн жанында кошо жүргөн жигиттерине же кошо жүргөн жолдошторуна карата жалпылоо иретинде колдонулат. *Жаныңда жигит-жалаңдарыңдан бирөө жарым жок беле?* (Өмүрбаев).

**ЖИГИТСИН** Өзүн жигитмин деп сезүү, жигит катарында көрүү. *Жигитсинип менсинүү.*

**ЖИГИТТИК** 1. Жигит курагы, жигит мезгили. *Чоңойдум. Жигиттикке күндөр жетти*

(Осмонов). 2. Жигит кезге, жигит курагына таандык, бозойлорго таандык. *Жыргап жүргөм бир кезек, Жигиттик доор жашымда* (Тоголок Молдо) ‖ Азаматтык, эр жигитке таандык сапаттар. *Жалындап жоого аттан деп сүрөп турат, Жигиттик, эрдик, кайрат, ата намыс* (Маликов).

**ЖИГИТТИН ГҮЛҮ** Жигиттин мыктысы, өтө чыгааны. – *Чоо жайыңды билдик. Табып десе табып, ырчы десең ырчы, Жигиттин гүлү белемсиң* (Бейшеналиев). *Кайран Мокем жигиттин гүлү эмес беле, кайран киши* (Байтемиров).

**ЖИГИТТҮҮ** Жумшаган, кызматын кылган жигиттери бар. *Өтүптүр кырк жигиттүү зулум Бектен* (Маликов).

**ЖИГИТЧИЛИК** Жигитке, жигит кезге таандык болгон сапаттар, касиеттер. *Кош эми, жигитчилик арың болсо, Бул тулпар сага ылайык жетип алгын* (Осмонов).

**ЖИГУЛИ** Волж автомобиль заводу чыгарган (Тольятти ш.) «Жигули» маркасындагы жеңил автомобиль.

**ЖИЖИҢ** Сийдикти көп чыгара турган, сийдик токтобогон оору. *Жижиң бээ.*

**ЖИЙДЕ** Жыттуу гүлдөрү жана бубак түстүү ичке жалбырактары бар, желе турган данектүү мөмө байлоочу жыгач. *Алма менен өрүк бар. Анар менен жийде бар* (Осмонов). *Куржундун эки көзүндө өрүк кагы, жийде сыяктуу кургак жемиштер бар* (Абдукаримов).

**ЖИЙДЕЛҮҮ** Жийде чыккан, жийдеси бар. *Жийделүү бак.*

**ЖИЙИРКЕН** 1. Көргөндө, мурдуна жаман жыт алганда, тамак-аштын даамы жагымсыз болуп калганда ж.б. учурларда жүрөк айлануу, иренжүү, көңүлү жипкирүү. *Силер жийиркенсеңер, анын этин жебей эле койгула* (Каимов). *Суурдун этин сасык деп жийиркенет, Аюу кекилик издейт темселеп* (Шүкүрбеков). 2. Жактырбоо, көргүсү келбөө, жаман көрүп манчыркоо. *Датка Майлыбайды жийиркене карап, сөөмөйү менен көрсөттү* (Токомбаев).

**ЖИЙИРКЕНЕРЛИК** Адамды жийиркенте тургандай, жийиркенүүгө алып келүүчү, көңүл иренжий тургандай. *Адам жийиркенерлик жаман жыт.*

**ЖИЙИРКЕНИЧ** Жийиркенгендик, иренжигендик. *Катуу жийиркенич менен кароо.*

**ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮ** Жийиркенте турган, иренжите турган. *Жамийла Осмонду бардык күчү менен жекире карап, тигини көздөй жийиркеничтүү түкүрүп, унчукпай четке басты* (Айтматов).

**ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮЛҮК** Жийиркеничтүү сапаттар, иренжүүчүлүк. *Карапайым адамдар бул жаңжалчыларга жийиркеничтүүлүк менен карашат* («Ала-Тоо»).

**ЖИЙИРКЕНТ** **жийиркен** этишинин аркылуу мамилеси. *Жийиркентип канга жер бетин, Байкушка балак урганын* (Токомбаев).

**ЖИЙИРКЕНҮҮ** **жийиркен** этишинин кыймыл атоочу. *Надя сөөк-саактарга жийиркенүүнүн зыяндуулугун эскерткен* (Бейшеналиев).

**ЖИЙИРКЕНЧ** *туурасы:* **жийиркенич.**

**ЖИК** 1. Эки нерсенин бириктирилген жери, тилке тартып же жолжол болуп билинип турган из. *Ыргыштаган Тайбуурул, Качырып барып тик түшөт, Казандай болгон таштарга, Каршы-терши жик түшөт* («Семетей»). *Баягы кыя жол бара-бара түгөнүп, эми жиги да билинбей калды* (Таштемиров). 2. Ортодогу айырма, ажыратылышы, бөлүнүшү белгилүү болуп же билинип турган ажырым, чек. *Бек Каныбек менен Жуманын ортосунда жик салууга себепкер болбоо үчүн, сөздү көп созбоого аракеттенди* (Жантөшев). *Эзүүчү залим байлардан, Эсиңе алсаң жаш, балдар Эми жигиң бөлүндү* (Токтогул). 3. Кандайдыр бир нерсенин ыгы, жөнү жолу, нугу. *Башкарма ар иштин жигин таба билсе, колхоз оңолот* («Ала-Тоо»). *Токтолду ошол жерге сөздүн жиги* (Токомбаев).

**ЖИКИ** Конок сыяктуу, бирок башы, даны майда чөп өсүмдүгү, ит конок. *Жики жулуп уйга берүү.*

**ЖИКИЙ** Эки ийнин куушура көтөрүп, мойнун ичине тартуу. *Мойну жикийип, көздөрү аңтарылат* (Ала-Тоо»). *Жикийип күчү кетип отурганда, Токону селт эттирди иттер үрүп* (Токомбаев).

**ЖИКИЙТ** **жикий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖИКИЙҮҮ** **жикий** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИКСИЗ** Жиги жок, из болуп билинбеген, туташ бир келки.

**ЖИКТЕ** 1. Жик салуу, жигин табуу. *Тигишинен жиктеп бөлдү.* 2. Ажыратуу, айрым топторго бөлүү, чегин ажыратуу. *Дос, душманын жиктеди.*

**ЖИКТЕЛ** **жикте** этишинин туюк мамилеси. *Ич арасы жиктелип калды.*

**ЖИКТӨӨ** **жикте** этишинин кыймыл атоочу. *Бөтөнсүнтүп жиктөө.*

**ЖИКТҮҮ** Жол-жол болуп билинип турган изи бар, жиги бар. *Арсайган жиктүү тигиш.*

**ЖИЛБИК** Уйдун ич өткөк оорусу, ошол оору менен ооруган мал. *Жилбик болгон уй.* ‖ Өтө арык, катыңкы.

**ЖИЛЕТ** Пиджак, сюртуктун ичинен кийген жакасыз, жеңсиз, кыска эркектин кийими, бешманты.

**ЖИЛИГИ МАЙЛУУ** Колунда бар, бардар. *Сиздин ууртуңуздан май тамат, ошондуктан жилигиңиз майлуу дедим* (Абдукаимов). *Аскерге алганда жилиги майлуу же жилиги майсыз деп тандаган эч бир элдин тарыхында болгон эмес* (Абдукаимов).

**ЖИЛИГИ ҮЗҮЛГӨНЧӨ** Мүмкүнчүлүгү болушунча, күчү жетишинче, буту-бутуна

тийбей катуу чуркоо, жүгүрүү деген мааниде. *Жилиги үзүлгүчө жүгүрдү. Жилиги үзүлгүчө чуркады.*

**ЖИЛИГИ ҮЗҮЛҮҮ** Абдан арыктоо, арыгынан тура албай көтөрүм болуу, шайы кетүү (көбүнчө малга карата). *Кыштын каатчылыгына, жылдын кургакчылыгына шылтап, кышта тоют аз болуп малдын жилиги үзүлүп, койлор арык чыкты, уйлар көтөрүм болду деп айтарсыңар* («Чалкан»). *Семиз арыктап, арыктын жилиги үзүлүп турган ушундай ойго келбес үзүмчүлүк учурунда да… салаасынан май шорголоткондор бар экен* (Үмөталиев).

**ЖИЛИГИН ЧАГУУ** Сазайын берүү, бирди көрсөтүү, катуу жазалоо. – *Эсирген букаранын демин басып, жилигин чагуу керек* (Үмөталиев). *Азыр барам жаныңа как баш! Жилигиңди чагамын как баш!* («Эр Төштүк»). *Камынтпай жилигин чагыш керек* (Турусбеков).

**ЖИЛИК** Жан-жаныбарлардын сөөгүндөгү ар кандай негизги иш-милдетти аткаруучу сөөк мүчөсү. Дагы **к. Балдак жилик, жото жилик, кары жилик, кашка жилик, күң жилик.** *Бай эшикте Жилик чагып отурган экен* («Жомоктор»). ‖ Ошондой сөөктөрдүн же жалпы эле жиликтеп бузулуп, устукан катарында эсептелген он эки мүчөнүн бири. *Кыргыз да, ачырканбай кымыз ичет, Кучактап уктап калат бир жилик эт* (Осмонов).

**ЖИЛИКТЕ** Союлган малдын этин жилик-жилик кылып ажыратуу, биринин этин бирине ооштурбай жиги менен бөлүштүрүү, балталап чаап бөлбөстөн, мүчөлөп бөлүү, казанга салууга даярдап бузуу. *Союлган койду тез эле жиликтеп жиберди.*

**ЖИЛИКТЕЛ жиликте** этишинин туюк мамилеси. *Жиликтелген эт.*

**ЖИЛИКТЕТ жиликте** этишинин аркылуу мамилеси. *Этти жиликтетип буздуруу.*

**ЖИЛИКТӨӨ жиликте** этишинин кыймыл атоочу. *Жиликтөөгө киришүү.*

**ЖИЛИНЧЕК** Адамдын бутунун кызыл ашыгынан жогорку, балтырдан төмөнкү ичке шыйрагы. *Анархан жилинчегине келген сууну кечип бир нерсе издей баштады* (Жантөшев).

**ЖИН I** 1. *дин.* Адамдарга ар кандай зыян келтире турган, табигый күчтөрдөн тышкарkы мифтик күч. ‖ *этн.* Диний түшүнүк боюнча: ээлигип, өзүн-өзү унутуу даражасына жеткен абалга алып келүүчү кара күчтөр (бакшыларга карата). *Бакшы жинин чакырды. Жини кагылган бакшы.* 2. Оору, психикалык жактан оорулуулук. 3. Ачуу, каар, кыжыр. *Кара жинин чакырып* («Манас» С.О.). *Жана жини кармаса* («Манас» С.К.). *Мусулманкулдун жини келди* (Жантөшев). *Кожоюндун жинине тийбе, балаасына калба* (Сасыкбаев).

**ЖИН II** Кепшөөчү айбандардын кулгуп оозуна чыгаруучу сиңире элек тамагы. *Чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбей, жинин бүркүп, оозун чоё ачуулуу боздошот* (Айтматов).

**ЖИН ДААРУУ** Жин тийүү, жинди болуп калуу.

**ЖИН ТИЙГЕНДЕЙ** Жулунуп-жулкунган, албууттангандай, кутургандай. *Анан кайра чын эле жин тийгендей жер чапкылап, кыйкырып жатты* (Үмөталиев). *Бир күнү келип тилдеди, Жин тийгендей жулунуп* (Токтогул). **В.: Жин ургандай.** *Тигиниси да, мунусу да жин ургандай жулунуп, жүн сабагандай тепкилеп жатышты* (Саатов).

**ЖИН ТИЙҮҮ** 1. Акылынан айнуу, психикалык ооруга чалдыгуу, жарым эс болуп калуу. *Анан молдо келип бу келинге жин тийиптир, карабайсыңарбы, арнеменин башын бир айтып жөөлүп жатат, – деди* (Үмөталиев). 2. Жаалдануу, ачуусу келүү, буркан-шаркан түшүү, албууттануу. *Агеркеч орундуу сөз таба албай, жин тийгенсип жаалданып, Агыргайды каргап кала берди* (Үмөталиев). **В.: Жин даaруу.** *Муну жин даарып кеткен.*

**ЖИНДЕ жинден** менен бирдей. *Сен, эмне, бала, жиндеп кеттиңби, я?* (Айтматов). *Касымбек көрүп жиндеди* (Тоголок Молдо).

**ЖИНДЕН** 1. Жинди болуу, акылынан адашуу. *Жинденет деген эмне? Бузулганы каныңдын* (Токомбаев). 2. Катуу ачуулануу, каарын төгүү, буркан-шаркан түшүү. *Шабыраалынын көзүнөн чаары чыгып, баягыдан бетер жинденди* (Байтемиров). 3. Барган сайын улам күч алуу, катуу боло баштоо, күчөө (көбүнчө табигаттын күчтөрүнө карата). *Бороон барган сайын жинденет* (Жантөшев). *Ак көбүк чачып толкуйсуң, Бууракандап жинденип* (Үмөталиев).

**ЖИНДЕНТ жинден** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖИНДЕНҮҮ жинден** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИНДИ** 1. Акылынан ажыраган, психикалык жагынан акыл-эси нормалдуу абалда эмес. *Балам жинди болду деп, Дадaнбай буга дал болду* (Тоголок Молдо). *Көрүнүшүнө караганда жинди же келесоо неме болсо керек,* (Жантөшев). 2. Эси жогураак экендигин, шайкелендигин, ороскөөл мамилелерин ж.б. жактарын, белгилей көрсөтүү менен жактырбагандыгын билдирип, тилдөө, жемелөө, кагажытуу маанисинде, кагуу, тыюу максатында, кээде эркелетүү иретинде бирөөлөрдү атоодо же бирөөгө карата кайрылууда колдонулат. *Жңндилердин мага кереги жок* («Чалкан»). *Жулунган жинди неме деп, Журт көрүп айран калды дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Душмансыңбы, эрсиңби? Жиндисиңби, жөнсүңбү?* («Эр Төштүк»). *Кыркы кырк жерден келген кырк жинди* («Манас» С.К.). 3. Бууракандаган, чамынган, буркан-шар-

кан түшкөн. *Менсинип өркөчтөнгөн жинди толкун* (Үмөталиев).

**ЖИНДИ СУУ** *сүйл.* Арак, ичкилик. *Жүргөн жери ызы-чуу, эч кимге жакпас жинди суу* (Шүкүрбеков). – *Чоң ата, дейм, чоң ата, жинди суу каякта агат* («Ленинчил жаш»).

**ЖИНДИЛЕН** 1. Эселектик кылуу, адат болуп калган көнүмүшкө туура келбеген обу жок мамилелер жасоо, жүрүш-туруш нормаларына сыйбай турган терс кылык-жорук көрсөтүү. *Үчөө тең аябай мас, жиндиленет* (Шамшиев). 2. Албууттануу, бууракандоо, чамынуу. *Жиндиленип ээликкен, Баш ийбес жанга жазгы суу* (Бөкөнбаев).

**ЖИНДИЛЕНҮҮ** **жиндилен** этишинин кыймыл атоочу. *Көпкө чейин басылбай жиндиленүү.*

**ЖИНДИЛИК** 1. Жинди болгондук, жиндиге таандык өзгөчөлүктөр, сапаттар. *Жиндинин жиндилик мүнөзү болбосо, аны жинди деп ким айтсын* (Токомбаев). 2. Токтолбогон, жеңил, шайкелең мүнөздүүлүк, жүрүш-туруш нормаларына сыйбай турган, ашынган терс кылык-жорук. *Чоңоюп бой жетсе да, баягы жиндилиги кала элек.*

**ЖИНИ КАГЫЛУУ** Мурдагыдай болбой басырылып калуу, эсине келүү, мурдуна суу жетүү. *Жинди жүз башы шөмтүрөп турду. Жини кагылып калган* (Касымбеков). *Эми жини да кагылып, жели да чыккан немедей шалдырап, Шарапат жер өбөктөп жатып калды* (Абдукаимов). *Жиндери кагылган экөө, беркилер тизгиндегиче өздөрү ыргып түшүштү* (Осмоналиев).

**ЖИНИ КАЙНОО** Аябай ачуулануу, туталануу, жини келүү. *Биз келгенде жанатан бери жини кайнап жаткан эжем, байкеме даап унчуга албады* (Жусупов). *Бирөөнүн жаны кыйналганына маашыркай күлмүңдөгөн эси жокко кимдин жини кайнабайт* (Эсенканов).

**ЖИНИ КАРМОО** Жаалданып, каарын төгүп, ачуусу келип калуу. *Бирок, менин жиним кармаганда кирерге жер таппай калат* (Бердикеев). **В.: Жини келүү.** *Эчтеке билишпей, бирдемелерди былжырашканына кишинин жини келет* (Бейшеналиев). *Атам жини келгенде дайыма мени «арам» деп сүйлөчү* (Бердикеев).

**ЖИНИГҮҮ** **жиник** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИНИК** 1. Катуу чуркоодон, тынымсыз кыймыл-аракетте болуудан улам зоругуу, бардык күч-кубаты кетип алсыроо. *Полициялар илгери ат жүрбөй калса же жинигип өлсө, башка бирөөлөрдүн аттарын тартып мине беришчү* (Сасыкбаев). 2. Оор жумуштан, тынымсыз иштөөдөн ж.б. аябай чарчоо, катуу кыйналуу. *Жиниккенди айтпа,– деди Бака* (Бейшеналиев).

**ЖИНИКТИР** **жиник** этишинин аркылуу мамилеси. *Тойгон атты чаап жүрүп жиниктирип өлтүрдү.*

**ЖИНИН АГЫТУУ** Бирөөгө катуу кыжырлануу, каарын төгүү.

**ЖИНИН КАГУУ** Эсине келтирүү, мизин кайтаруу, жазасын берүү. *Кармашта көпкөн жоонун кагам жинин* (Үмөталиев). *Толукшуп жаткан Канчоро, Өз жомогун айттырып, Качанкы жинин кагайын* («Сейтек»). *Тиги кутурган айбандын жинин кагып салбаса, узун кулак казактын учу-кыйрына ушак-айың сөз болобуз* (Айтматов). *Толукшуп жаткан Канчоро, Өз жомогун айттырып, Качаңкы жинин кагайын* («Сейтек»). **В.: Жин-шайтанын кагуу.** *Андан көрө жанагы жубарымбекти аңылдатып үй кыдыртпай жин-шайтанын каксаң боло* (Өгөбаев).

**ЖИНИН КАКТЫРГАН БАКШЫДАЙ** Басырылгандай, жоошуй түшкөндөй, эсине келгендей, жели чыгып калгандай. *Бекназарга эмне болгон? Эмне эле жинин кактырган бакшыдай болуп калган?* (Касымбеков).

**ЖИНИНДЕЙ КӨРҮҮ** Абдан жаман көрүү, жек көрүү, итетайы тутулуп туруу. *Буга себепкер болуп жылмайып отурган Кыдырбекти жининдей көрүп, наараазы болуп, кыймылдагысы келбей турду.* (Абдукаимов). *Төп жүрбөгөн кишини жининдей көрөрүн билесиз, колуңа өлүп берет* («Ала-Тоо»).

**ЖИНИС** *туурасы:* **жыныс.**

**ЖИҢКИН** Ал, кубат, бойдогу күч, диңкин. *Аябай жиңкини куруганда Татыбек энесин кучактап алып, кадимки жаш баладай ыйлады* (Байтемиров).

**ЖИҢКИНИ СООЛУУ** Жедеп айласы кетүү, мүнкүрөп калуу, дарманы кетүү. *Кыр көрсөткөндөрдүн ушинтип жиңкини соолот деп ойлогон имиш* (Ашымбаев). *Кечке сенделип кой артында жүрөм, кечинде байдын көрөр көз токолу көчүгүмдү жер жытатпайт, жиңкиним соолуп, мүргүп жыгылам* (Жантөшев). **В.: Жиңкини куруу.** *Андан калса дыйканың түшкүр – жиңкини куруп, арыктап бүтөт экен* (Осмоналиев). *Кийин жиңкиним куруганда кайра барып, ошол жаманга жетпедим* (Жакыпбеков). **Жиңкини түгөнүү.** *Дагы келе берип жиңкиним түгөнөт го* (Сыдыкбеков). *Анын жиңкини түгөндү.*

**ЖИП I** 1. Жүндөн, кебезден, кендирден жана башка булалардан жасалып, токуу, тигүү, сайма саюу сыяктуу иштерде колдонулуучу, керектөөгө жараша ар кандай жоондукта ийрилген зат. *Жибек жип. Келеп жип. Чарык жип. Ак жип.* ‖ *Оңойдур мындан көрө караңгыда, Ийненин көзүн көрүп жип өткөзгөн* (Үмөталиев). *Чыканагынын үстүндө жибек жип менен тордогон көчөтү турат* (Сыдыкбеков.). 2. Эшилген же чыйратылган боо, мал байлоого, аркандоого, бир нерсени таңууга боло турган ар кандай көтөрмөнүн, шпагаттын, аркандын жалпы аты. *Батыш өгүздү отун таңган жиптин учу менен тумшукка чапты* (Байтемиров).

*Табылды Арчаторуну танап жип менен аркандап койду* («Эр Табылды»). *Кыска жип күрмөөгө келбейт* (макал).

**ЖИП II** Жол тандабай жүрө турган күчтүү жеңил автомобиль.

**ЖИП-ШУУ** Ар кандай майда-чүйдө жиптердин, боолордун, көтөрмө, аркандардын жалпы аты. *Үй ичиндеги кийиз-кечек, жипшуубуздан өйдө бердик* (Элебаев). *Акунжан башкарманын тапшыруусу боюнча жип-шуу алып келиш үчүн шаарга кетти* (Байтемиров).

**ЖИПКИР** Кандайдыр бир жаман жыттан, кир, булганыч көрүнүштөн, жагымсыз даамдан ж.б. көңүлү айнуу, кускусу, окшугусу келе түшүү, иренжүү, жийиркенүү. *Даамы жаман экен, жүрөгүм жипкире түштү. Ботом береги эттин жытынан жүрөгүм жипкирип жатпайбы* («Ала-Тоо»). *Чийки май жегендей жипкире түштү* (Убукеев).

**ЖИПКИРТ жипкир** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүрөктү жипкирткен жаман жыты бар* (Сыдыкбеков).

**ЖИПКИРҮҮ жипкир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИПСИЗ БАЙЛАНУУ** Өз эркинче эч нерсе жасай албоо, чарасыз баш ийүү, көз каранды болуп калуу. *Бу ашынган амалкөй зулум Дүр мырзага жипсиз байланды* (Бейшеналиев). *Төрт кыбыласы түгөл аска, төрт жагынан тең жипсиз байлануу экенин Ашырбай кишиге айттырбай жакшы түшүнөт* (Үмөталиев).

**ЖИПТИР** *диал.* Кыз оюнунда, тойдо өлөң түрүндө ырдала турган ырдын бир түрү. *Мен айтамын жиптирдин он алтысын.*

**ЖИРАФ** Африкада жашоочу, буттары жана моюну өтө узун келген темгил, чаар түстөгү жаныбар.

**ЖИРЕ** 1. Улам арылатып сүрүү, түртүү (мисалы, сойгон малдын терисин). ‖ Илгери карай, алдыга карай жара жүрүү, тиле жүрүү (мис. суу, аба ж.б. тоскоолдуктарды). *Кемелериң сүзүп жүрөт суу жиреп* (Осмонкул). *Учкучтар учуп асманда, Аба жиреп ойноду* (Барпы). *Трактор жерди жиресин* (Осмонкул). ‖ Ортосун как жарып алдыга карай аралай өтүү, кирүү. *Топту жиреп кире турган жакшы ат минди* (Абдукаримов). *Солдат жумушчуларды жирей трибунаны көздөй келе жатты* (Сасыкбаев). 2. Бирөөнүн сөзүн андан ары карай улантып, коштоп кетүү, күчөтө, ашыра сүрөп жиберүү, алып жүрүп кетүү. *– Ошентсеңиз, айтсаңыз,– деп Уруя да жиреп кетти* (Байтемиров). *Бирөө суроо берсе, калган төртөө жиреп кетет* (Бейшеналиев).

**ЖИРЕТ жире** этишинин аркылуу мамилеси. *Калың карды жиретип жол салуу.*

**ЖИРЕШ жире** этишинин кош мамилеси.

**ЖИРӨӨ жире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖИТ** 1. Бир нерсенин арасына кирип кетүү, өтө терең батып кетүү, жок болуп көрүнбөй калуу. *Житкен окту аткан ок табат* (макал). *Булак төмөндөй түшкөндө калың чөптүн түбүнө житип-житип жок болот* (Таштемиров). 2. Жоголуп кетүү, көрүнбөй калуу, дарексиз жок болуп кетүү. *Ошондон ары житип кетсе мени жылаңач калтырып жүрбө сен* (Касымбеков). *Эч жерде көрүнбөйт, кайда житип кетти?* (Абдукаримов).

**ЖИТИР жит** этишинин аркылуу мамилеси. *Жыгач уста тактайга мыкты житире кагып жатат* (Сасыкбаев).

**ЖИТКИР** *диал.* Житирүү. *Эл жатканда көмөчтү Коломтого житкирип* (Токобаев).

**ЖИТҮҮ жит** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОБО I** 1. Белгилүү бир маселе боюнча эрежелердин, закондордун жыйындысы, аткарылыш, чечилиш тартиби белгиленген негизги эрежелер, көрсөтмөлөр. *Эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү Советтерине шайлоолор жөнүндө жобо. Эмгек акыны төлөө системасы жөнүндөгү жобо.* 2. Кандайдыр бир нерсенин, түзүлүштүн ж.б. болжолдуу долбоору, жоромолдонгон кебетеси, элеси, болжолу. *Үй эчак урап жок болсо да, негизги жобосу кандай экендиги билинип турат.*

**ЖОБО II** 1. Жооткотуу, тайсалдатуу, алаксытып көңүлүн буруу. *Сен башка сөзгө жоболо.* 2. Кайгыруу, кейүү, убайым тартуу. *Мен энекең бейтаалай, Жобоп ашкан жер ошол* («Манас»). *Жобоп жүрдүм бир топ жыл* («Сейтек»). *Жоготормун баарыңды, Жоботормун карыңды.* («Эл адабияты»).

**ЖОБОГЕР** *сүйл.* Жоопкер. *Жобогер болуу.*

**ЖОБОЛОҢ** Тополоң, дүрбөлөң, чыр-чатак, коогаландуу окуя. *Жоболоңдо көп жүрүп, Бир жак колун жулдурган* (Үмөталиев). *Сан дүйнөнүн баарына Жоболоңду салды дейт* («Эр Төштүк»).

**ЖОБОЛОНДО** Дүрбөлөң түшүү, чыр-чатак болуу, тынчы кетүү, жоболондуу окуя чыгуу.

**ЖОБОЛОНДОО жолобоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОБОЛОНДОТ жоболоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОБОЛОНДУУ** Тополоңдуу, дүрбөлөңдүү, чыр-чатактуу, жаңжалдуу, жаман жоруктары бар. *Жакындагы жоболоңдуу окуя үчүн Салык Мамбеткулду күнөөлөйт* (Каимов). *Жоболоңдуу иниңди Жолдош кылып алыңыз, Жоого дүмөк салыңыз* («Сейтек»).

**ЖОБОТ жобо II** этишинин аркылуу мамилеси. *Темиркан Семетейди жоботуп, Ак тулпарын мингизип* («Манас»).

**ЖОБУРА** Кобурап сүйлөй берүү, бабырап көп сүйлөө, майдалап сүйлөө. *Касымбек жойпуланып жобурап кирди* (Жантөшев). *Керим чал өзгөчө көп жобуради* (Турусбеков).

**ЖОБУРА** Майда сөз, иштиктүү мааниси жок, жайынча эрмек үчүн айтылчу сөздөр.

*Жобур сөзду коюп, иштин жайын ойлосоңор боло* (Өмүрбаев). *Айнанын айылдан кетип калгандыгы жөнүндө ар кандай жобур сөздөр көбөйдү* («Ала-Тоо»).

**ЖОБУРАТ жобура** этишинин аркылуу мамилеси. *Кутуп олтурган Акман алкышты жобуратат* (Сыдыкбеков).

**ЖОБУРАШ жобура** этишинин кош мамилеси. *Жобурашып көпкө отуруу.*

**ЖОБУРОО жобура** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОГДОР** 1. Төөнүн кежиге жүнү. *Жогдор чуудасын кырктырган нар* (Жантөшев). *Бирок аркасы кайкы, соорусу зоңкок, жогдору чууда, абдан жобдо, абдан туйку көкжалга куйрук улаш канчык гана жүрөт* (Субанбеков). 2. Жырткычтардын канаттуулардын жонундагы, үрпөйгөн жүнү. *Канаты кайкы дечү эле, Жогдору тайкы дечү эле* (Эл ырлары). *Канга толгон көздөрүн кызартып, жогдор жүндөрүн үрпөйтүп, тилин кере карыш салаңдатып, көпкө чейин жаалы тарабай буулугуп кыңшылады* (Жигитов). *Булбулдун муңдуу тилиндей, Бүркүттүн жогдор жүнүндөй* (Тоголок Молдо).

**ЖОГДОРЛУУ** Жогдору бар. *Жогдорлуу бүркүт.*

**ЖОГОЛ** Көрүнүп, билинип, сезилип турган кандайдыр бир нерсе жок болуп кетүү, көрүнбөй, табылбай калуу. *Жоголгон бычактын сабы алтын* (макал). *Куйкө жоголуп, биз айылга кайттык* (Сыдыкбеков). // Изи, шишиги ж.б. белгилери өчүү, тарап жок болуу. *Менин денемдеги көк алалар жоголду* («Ала-Тоо»).

**ЖОГОЛГОН МАЛДЫН КӨЗҮНДӨЙ** *к.* **эски малдын көзүндөй.**

**ЖОГОЛУУ жогол** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОГОР жогору** менен бирдей. Жогор жактан эликтер чубап, ылдыйга, өзөндөгү суу тарапка бет алышты («Ала-Тоо»).

**ЖОГОРКУ** 1. Бийик турган, өйдө жактагы, төмөнтөн алганда жогору жактагы (тик, бийик турган багытка карата). *Жогорку этаж. Жогорку текче.* ‖ Төмөнкү тарапка карама-каршы (узунунан болгон багытка карата). *Жылкылардын бардыгын жолум үйдөн жогорку керүүгө каптатып салды* (Жантөшев). 2. Даражасы, укугу, деңгээли ж.б. белгилери жагынан жогору турган. *Жогорку кеңеш. Жогорку бийлик. Жогорку окуу жайы. Жогорку билимдүү адам.* 3. Ички өзгөчөлүктөрү, сапаты ж.б. жагынан башкаларынан айырмасы артыкча, өзгөчө, эң мыкты. *Жогорку сапат. Жогорку баа. Жогорку семиздикте.* 4. Эң көп, мол. *Жогорку түшүм алуу үчүн күрөшүү.* 5. Мурда айтылган, мурда белгилүү болгон. *Түлкүбектин жогорку сөзүн угуп, Ажар менен Каныбектин жаагы жап болгон* (Жантөшев).

**ЖОГОРКУ КЕҢЕШ** Мамлекеттин парламенти, мыйзам чыгаруу бийлигинин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөлдүк кылуу функцияларын жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү орган.

**ЖОГОРКУ МЕКТЕП** Жогорку окуу жайларынын жалпы жонунан аталышы.

**ЖОГОРТОДОН жогортон** менен бирдей.

**ЖОГОРТОН** 1. Өйдө жактан, жогору жактан, кандайдыр бир нерсенин баш жагынан. *Жогортон коктуну көздөй агып жаткан кашка суу* (Турусбеков). *Жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман тынчыды* (Айтматов). 2. Жогорку бийлик мекемелери тараптан. *Жогортон келген буйрук. Жогортон жиберилген тапшырма.*

**ЖОГОРУ** 1. Өйдө, бийик. *Алёша башын жогору көтөрүп эки жагын карады* (Жантөшев). *Пароходдун тумшугу селкинчектей бирде жогору көтөрүлүп, бирде төмөн карай эңкейиштейт* (Баялинов). 2. Жердин, суунун ж.б. баш жагын, өйдө жагын, төр жагын белгилөөдө колдонулат. *Шаардан жогору барганда оң тарабы ачык талаа өңдүү* (Жантөшев). *Мырзабек менен Жийдегүл Бекташтын үйүнүн жогору жагындагы ташка чыгып отурушту* (Абдумомунов). 3. Кымбат, башкалардан өйдө, мыкты. *Сен унутпа! Эл кадырлап каалады, Эмгегиңди эң жогору баалады* (Токомбаев). *Кулбаш Ражабдын зергерлигин жогору баалап, ушул өнөрдү үйрөнүүнү уулуна кеңеш катары айткан* (Абдукаримов).

**ЖОГОРУЛА** 1. Өйдө карай жүрүү, бийик көтөрүлүү, бир нерсенин баш жагын көздөй жүрүү, жогору карай жүрүү. *Инженер дагы жогорулап, кескен тоону көздөй көтөрүлдү* (Сасыкбаев). *Назаров туура көчө менен жогорулай басты* (Убукеев). 2. Өсүү, көтөрүлүү, даражасы артуу. *Окуучулардын билим деңгээли жогорулады. Түшүм жылдан жылга жогорулап баратат.*

**ЖОГОРУЛАТ жогорула** этишинин аркылуу мамилеси. *Баасын жогорулатты. Сапатын жогорулатты.*

**ЖОГОРУЛОО жогорула** этишинин кыймыл атоочу. *Бүркүт айланып, уламдан-улам жогорулоодо.*

**ЖОГОТ** 1. Бир нерсени жоголгон абалга келтирүү, таппай калуу. *Ошентип куйкөнү жоготуп салбырай бастырып келаткан элек* (Сыдыкбеков). *Биз жоготкон койлорду издеп келатканбыз* (Сыдыкбеков). 2. Сарп кылуу, түгөтүү, түбүнө жетүү, чыгымдап бүтүү. *Атадан калган бар малын, Сапырып чачып жоготкон* (Тоголок Молдо). 3. Ажыроо, айрылуу, учуру өтүп кетүү. *Кайран жашты жоготуп, Карып келдим, Токтогул* (Токтогул). 4. Кыйратуу, жок кылуу, жоюу. *Канкорлорду жоготуп, Кайраттуу бол, уландар* (Тоголок Молдо). *Жаңынын салтын колдонуп, Жоготтуң эски жорукту* (Бөкөнбаев).

**ЖОГОТТУР жогот** этишинин аркылуу мамилеси. *Көзүн жоготтуруп тынды.*

**ЖОГОТУУ жогот** этишинин кыймыл атоочу. *Оор жоготуу. Тап душмандарын жоготуу.*

**ЖОЖ** Жогорку окуу жайлар дегендин кыскартмасы. *Кыргызстанда эгемендик алгандан кийин республиканын өзүнүн мамлекеттик ЖОЖдору менен катар эле башка өлкөлөр менен биргелешип билим берүүчү орток ЖОЖдору да пайда болду («Замандаш»).*

**ЖОЙ I: жой болот** Тийген жерин шылып түшкөн абдан курч болот (көбүнчө эпостордо колдонулат). *Жой болотту бир шилтеп, Башын кесип кетти эми* (фольк.).

**ЖОЙ II** Амал, айла, ыкым, куулук. *Журт куруткан Коңурду, Койсо болбойт оюна, Көнбөңүз эми жоюна* («Манас»).

**ЖОЙ III** 1. Жок кылуу, кыйратуу, талкалоо *Жоболоңдуу жоолорун, Жойгон элди карачы* (Токтогул). *Ийрип жүргөн кези экен, Кырып-жоюп кыйратып* («Манас»). *Дем алдырбай жоону жоюп бараткан* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир терс көрүнүштөн, кемчиликтен ж.б. арылуу, кутулуу. *Кемчиликтерди жоёлу деп айтып эле келе жатам* (Убукеев). *Кыжың-кужуң сөз чыкса, Акырын тыйып, жоюңар* («Мендирман»). 3. Мокоду, ташыркады. *Кайтарганым кой болду, Кайран курчум жой болду* (Жеңижок).

**ЖОЙБОЛОТ** Жок кылуучу, талкалоочу. *Кынап салган жойболот, Кынынан суурүп аларда* («Эл адабияты»).

**ЖОЙБОЛОТТОЙ** Абдан курчуп, такшалып, эч тартынбай, тайманбай киришкидей же айткыдай. *Досунун кийинки көрүшпөгөн жылдары ого бетер жойболоттой курчуганына айран таңданды* (Бейшеналиев).

**ЖОЙБУР жойпу** менен бирдей. *Убададан тайгылды, Түлкү жойбур иш бузуп* (Тоголок Молдо).

**ЖОЙБУРЛАН** Ич-коюнга кирүү, амал-айла табуу, куулук кылуу. *Жойбурланган чунак кул* («Семетей»).

**ЖОЙБУРЛАНУУ жойбурлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЙГУ жойку I** менен бирдей. *Жойгу менен жойгулап* («Манас»).

**ЖОЙДУР жой III** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОЙКУ I** Сүмбө, жойкума, шомпол (эпостордо).

**ЖОЙКУ II** Шиберди, чөптөрдү аралай жапырып из калтыруу, сойлой, жойлой жүрүү. *Шиберди жойкуп атырылган жылан Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков).

**ЖОЙКУЛА** Сүмбө менен ургулоо, жойкума менен ургулап тазалоо. *Жойкума менен жойкулап* («Манас»).

**ЖОЙКУМА** 1. Өткүр кылычтын бир түрү (эпостордо). *Атадан калган жойкума, Кармай калып сабынан, Суурүп алып кабынан, Кайраттанып имерди* («Сейтек»). *Колундагы жойкума, Темирден кайра тарт-паган* («Манас»). 2. Сүмбө. *Жойкума менен жойкулап, Алмамбеттин Сырбараң, Арыбери тазалап* («Манас»).

**ЖОЙКУМА** Өткүр кылычтын бир түрү.

**ЖОЙКУН** Шибердин, чөптүн ж.б. үстүнө аралап, жойлоп кеткенден кийинки уйпаланып, жапырылып түшкөн из.

**ЖОЙКУНДА** Жапыруу, уйпалоо, жапырып из салуу. *Көк дөбөтү шиберди жойкундап оонады* (Сыдыкбеков).

**ЖОЙКУНДАТ жойкунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОЙКУНДОО жойкунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЙЛО** Жем издеп шимшип чыгуу, кандайдыр бир нерсе издей аралоо, кыдырып аралай жүрүү. *Чымырын түлкү жойлогон, Чычканын терип тойлогон* («Эр Табылды»). *Бир үйүр карышкыр тескейдин капчыгайына жойлоп кеткенин көрдүк* (Сыдыкбеков). ‖ Ар кандай майда андарды жыты, изи боюнча издеп табуу, издөө (итке карата). *Итиң кыргоол жойлойбу?*

**ЖОЙЛОО жойло** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЙЛОТ жойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОЙПОКТО** Бирөөнүн алдында жасакерленүү, жойпулануу, жагынып көшөкөрлөнүү, шыйпактоо.

**ЖОЙПОКТОО жойпокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЙПУ** Асты-үстүнө түшүп көшөкөрлөнгөн куу, жагынып-жасакерленген митайым, жайгара, жоошута, көңүл ала сүйлөгөн кошоматчы. *Түркүн жойпу баарына түшүнөт* (Бейшеналиев). *Алымбек дагы бир далай жойпу сөздөрдү айтты* (Жантөшев).

**ЖОЙПУЛАН** Жагынып-жасакерленүү, көшөкөрлөнүү, чыныгы жүзүн, чыныгы максатын, мамилесин жашырып жойпулук кылуу. *Чегиртке кара күчкө жойпулана берди* (Сыдыкбеков). *Ишенбе, күлкүсүнө ишин сында, Ал күлүп жойпуланса, көзүңдү ымда* («Ала-Тоо»).

**ЖОЙПУЛАНУУ жойпулан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЙПУЛУК** Жагынып-жасакерленүүчүлүк, кошомат кылып көшөкөрлөнүүчүлүк, жайгарып, көңүл алып куйтуланган мамиле. *Кошомат кылуу, жойпулук, Кор кылар бир күн сени алдап* (Бөкөнбаев).

**ЖОЙЧУ** Жыт алып жакшы жойлой турган, жыт алгычтыгы менен кыйын жойлогон (итке карата). *Жойчу ит.*

**ЖОЙЧУ ТЕКЕ** Куут учурунда күүлөгөн эчкини табыш үчүн пайдаланылуучу эркек эчки тукуму.

**ЖОК** 1. Ар кандай нерсенин колдо болбогондугун, жалпы эле кандайдыр бир нерсенин, сапаттын, өзгөчөлүктүн ж.б. жоктугун, бар эмес экендигин билдирүүдө колдо-

нулат. *Колуңда малдын жогунан Ойлоп артың карайсың* (Токтогул). *Айдап койгон жери жок* (Үсөнбаев). ‖ Мүмкүнчүлүктүн, убакыттын ж.б. болбогондугун көрсөтүүдө колдонулат. *Мүм- күндүгүм жок. Чолоо жок.* 2. Макул эместикти, туура эместикти билдирүүдө же жалпы эле тануу иретинде колдонулат. *Барган жок. Келген жок, Көргөн жок. Баргым жок. Жок, мен буга макул эмесмин.* 3. Жоголгон, дайынсыз болуп кеткен нерсе. *Жок жоктоп жүргөн кишилер эмне издеп жүргөнүн айтышты* (Байтемиров). *Жапар жок издеген кишидей эки жагын карады* (Баялинов). 4. Колунда эч нерсеси болбогон, жарды, кембагал, кедей, жоксуз. *Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу* (макал). 5. Жоксуздук, жардылык, жокчулук. *Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет* (макал). 6. Кандайдыр бир нерселерге өзүнүн жөндөмдүү эмес экендигин көрсөтүүдө колдонулат. *Сөзгө жок. Ишке жок. Этке жокмун. 6.* Же, же болбосо деген байламталардын ордуна колдонулат. *Сен айттыңбы, жок ал өзү билдиби? Сен бердиңби, жок ал өзү алдыбы?*

**ЖОК БОЛУУ** Кыйроо, талкалануу.

**ЖОК ДЕГЕНДЕ** Эң болбогондо, эч болбогондо, жок эле дегенде. *Жок дегенде бир чычкак улактын акысын ыроолоп койсоңор болбойбу? – дегенин эстеди Алдаш* (Үмөталиев). *Жок дегенде алыстан эле жүзүңдү дагы бир көрсөм дегенде эки көзүм төрт* («Ала-Тоо»). **В.: Куру дегенде.** *Куру дегенде ошол кенедей ишти бүтүрүп койсоңор болбойбу* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖОК ЖЕРДЕН** 1. Болор-болбостон, болбогон жерден, калп жеринен, эч негизсиз. *Албетте, жок жерден жалаа жаап жатса, кимдин жүрөгү күйбөсүн* (Байтемиров). *Бир аздан соң жок жерден жалаа жаап, ого бетер чырды ырбаттым* (Мырзаев). 2. Кокусунан, күтүлбөгөн жерден. *Барпы жок жерден алтын тапкандай сүйүнүп кетти* (Байтемиров).

**ЖОК КЫЛУУ** Кыйратуу, талкалоо, таш-талканын чыгаруу, көзүн тазалоо. *Аларды дароо жок кылышты* (Алыбаев). *Оңбосун сасыган Чоюбек. Мунун көзүн тазалап жок кылбай, чала чарпыганын көр* (Бейшеналиев). *Калмактарды жок кылып, Кандырсаң кана табамды!* (Мендирман).

**ЖОКЕЙ** Ат чабышта чапкан атка минүүчү маш киши.

**ЖОККО САНОО** Жокко эсептөө, жок болгон катары ойлоо.

**ЖОКОЛОК** *туурасы:* **чоколок.**

**ЖОКОР (ак жокор).** Мылтыктын бир түрү (эпостордо). *Айдаркан уулу эр Көкчө, Ак жокор мылтык алыптыр* («Манас»).

**ЖОКТО** 1. Барбы же жокпу деп түгөлдөө, текшерип көрүү, сураштыруу, издөө. *Жакшы малчы дал ушул, Жоготпой малын жоктосо* (Осмонкул). *Жок жоктоп жүргөн эки киши эмне издеп жүргөнүн айтты* (Байтемиров). 2. Өлгөн адамдын жакшы жактарын эскерип, кошок кошуп ыйлоо, өлгөндү эскерип кейүү, кайгыруу. *Кылганын айтып жоктоюн* (Тоголок Молдо). *Калк атасы Манас кан, Кара көзү жумулуп, Кеткен жерге келатат, Калайык жоктоп, чуу туруп, Өткөн жерге келатат* («Сейтек»).

**ЖОКТОЛ жокто** этишинин туюк мамилеси. *Келгендер тизме боюнча жоктолуп бүттү.*

**ЖОКТОН ЖОГОРУ** Эптеп эле бирдеме, анча арзырлык эмес. *Жоктон жогору, ага да тобо. Тирүү турсак, дагынкысын да көрөрбүз* (Бейшеналиев). **В.: жоктон көрө жогору.** *Жоктон көрө жогору көрүп сүйрөп кетейин деди* (Жигитов).

**ЖОКТОН ТААП АЛГАНСУУ** Кандайдыр бир нерсени өзүнүн баа, баркынан ашыкча жогору саноо, баага батырбоо, абдан кымбат, ыйык деп эсептөө. *Жоктон таап алгансып, деле кишиге көрсөтпөйт.*

**ЖОКТОО I** Кошок. *Тулун туура тарттырып, Көкөтөйдүн жоктоосун, Кулайымга айттырып* («Манас).

**ЖОКТОО II жокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОКТОТ жокто** этишинин аркылуу мамилеси. *Алыс жакка адаш басып кетет деп, Эртели-кеч эки маал жоктоткон* (Осмонкул).

**ЖОКТОШ жокто** этишинин кош мамилеси. *Эмне үчүн айылдагы кыз-келиндер энеме кошулуп алып атамы жоктошуп ыйлашпайт?* (Жантөшев).

**ЖОКТУК** 1. Жетишпегендик, жок болуп калгандык. *Бир таруунун жоктугун, Митаам кемпир билиптир* («Эр Төштүк»). 2. Кедейлик, жардылык, колунда болбогондук, жокчулук. *Байлык не дедирбейт, жоктук не жедирбейт* (макал).

**ЖОКЧУ** Жок издөөчү, жоготконун издеп сураштыруучу. *Мал издеген жокчуга жолукту.*

**ЖОКЧУЛУК** Кедейлик, колунда жоктук, жардылык. *Он төртүмдөн жалданып, Малай кылдың жокчулук* (Калык). *Нечен кайгылуу күндөрдө жокчулукка чыдап ушул жерге бизди сүйрөп келген Бейшемби эле* (Элебаев).

**ЖОЛ I** 1. Катташуу, аркы-терки жүрүү үчүн пайдаланылуучу тилке жер, ар кандай транспорттун өтүп турган белгилүү бир багыты, жери. *Кара жол. Жалгыз аяк жол. Даңгыр жол. Кыя жол. Чыйыр жол. Төтө жол. Аба жолу. Суу жолу* 2. Сапар, саякат, жолоочулук. *Биз жол тартууга даярдандык* (Абдукаримов). *Жол келип чарчагандыктанбы, төшөккө башы тиери менен уктады* (Жантөшев). 3. Келе жаткан багыты, бара жаткан алды жагы. – *Кайда барасыз, баатыр? – деди Бермет абышкасынын жолун тороп* (Сыдыкбеков). *Чалды таанып*

*жолун тосо чубашты* (Токомбаев). 4. Бир нерсенин өнүгүшү, ийгиликке, жеңишке жетиши үчүн болгон идея, багыт, аракеттин багыты, жөнү. *Мамлекеттер аралык, кызматташтыктын бир гана жолу болуу керек, ал – тынчтык жолу* («Кыргыз туусу»). *Элиң үчүн нечен азап тарткансың, Эркиндиктин жолун туура тапкансың* (Осмонкул). *Байыркы салтын таштапып, Маданий жолго кириши* (Осмонкул). 5. Белгилүү бир максатка жетишүүнүн же кандайдыр бир иштин орундалышынын ыгы, амалы, методу. *Алыстан келген жигиттер, Таанышуу жолун издеген* (Шамшиев). *Бирок кепти кантип келиштирип айтуунун жолун таба албады* (Каимов). *Таанып калсаң болбойбу, Акындык нуска жолумду* (Токтогул). *Деги кандай жол менен тизмени алабыз* (Абдукаримов). 6. Китеп бетиндеги саптар, кагазга же башка нерселерге түшүрүлгөн жазуу саптары. *Динар баракты ачып караса, биринчи бактын эң башкы жолуна Аскардын аты жазылган* (Сыдыкбеков). *Биздин ырдын Ар жолунда терең сыр* (Токомбаев). ‖ Тилке-тилке болуп түшүрүлгөн катар сап, тилке-тилке же сызыктуу из. *Тилке-тилке жолу бар.* 7. Мүмкүнчүлүк, укук. *Сүйлөөгө жол берүү. Жалкоолукка жол бербөө. Закон колхозго салкын карагандарга жол бербейт* (Каимов). 8. Үрп-адатка, салтка байланыштуу болгон шарт, ирет. *Учаны алыңыз, жол сиздики!* (Жантөшев). 9. Сый кылып берилген белек же салт катары бир нерсе берип сыйлагандык. *Ата наркы менен кудаларга жол айтылган, Беш тыйын жол айткан жок. Аздыр көптүр жолуңарды кылам* (Жантөшев).

**ЖОЛ II жолу** менен бирдей. *Кар баскан калың токойдо, Канча жол жалгыз түнөдүм* (Бөкөнбаев).

**ЖОЛ АЗЫК** Жолоочу сапарга чыкканда өзү менен бирге алып, жолдо жей турган тамак запасы. *Биз көтөрүп жол азык, Тоого чыксак тең басып* (Шамшиев). *Алардын жол азыктарын камдап берүү керек* (Абдукаримов).

**ЖОЛ АЙТУУ** Кандайдыр бир иштин колкосу үчүн же жол тартып, бир жакка бара-тканда бирөөгө каражат, азык же башка нерсе берүү. *Эч болбосо жүз сомдон жол айтпасам мени көк урат го* (Сыдыкбеков). *Беш тыйын жол айтканга жараган жок.*

**ЖОЛ БАШЧЫ** 1. *тар.* Чалгынды баштоочу, аскер башы, кошунду баштоочу. 2. Жол көрсөтүүчү, идеялык жагынан багыт берүүчү мамлекеттик иштерде саясий экономикалык жагынан багыт берүүчү, жетекчи.

**ЖОЛ БОЛСУН** 1. Жолго чыккан, бир жакты көздөй жөнөгөн кишинин жолу шыдыр болушун тилеген каалоо катарында айтылат. *Сапарга чыксаң – жол болсун* («Манас»). 2. «Кайдан» «кандай жумуш менен келе жатасың?» деген мааниде колдонулат. – *Кайда баратасың? жол болсун* (Абдукаримов). – *Акунжансыңбы? – Жол болсун үкөм* (Байтемиров). 3. Мунуңа жол болсун! – «бул эмне кылганың», «дагы эмнени чыгара койдуң» деген мааниде колдонулат. *Күйөө балаңыз менен кызыңызга ынтымак-ырыс каалап, өзүңүз ичпей койгонуңузга жол болсун, – деп Көкөтөй кысынган чалдын айласын түгөттү* (Айтматов). *Мына ушундай сөзү өтүмдүү болуп тургандa Койсун кайра артка кетип отурганына жол болсун?!* (Медетов). *Мунуңа жол болсун?*

**ЖОЛ-ЖОБО** Жол көрсөткөн, көрсөтмө берген же жалпы эле ишти аткаруунун жөн-жайын, ыгын билдирген эрежелердин жыйындысы. *Эл шайлоого толкуган, Жол-жобосун окуган* (Тоголок Молдо).

**ЖОЛ-ЖОЛ** Катар-катар кеткен тилке, узатасынан, тилкеленип кеткен сызыктуу из. *Жол-жол айдоо.*

**ЖОЛ ЖОРГО** *же* **кой жорго** Атты катуу желдире бастырган басыгына жакын жорго жүрүш, майдалап жоргологон жүрүш. *Бастырып келсе чайпалган, Жол жоргосу дагы бар* (Токтогул).

**ЖОЛ-ЖОСУН** Салтка, үрп-адатка, жүрүш-турушка байланыштуу адат болуп кеткен эрежелердин жалпы жыйындысы. *Жакын барбы, жат барбы, Жол-жосунун ченейин* («Семетей»).

**ЖОЛ КАРОО** Келсе экен деп эңсөө, келеби деп үмүттөнүп зарыга күтүү. *Нурак менен Калыйпа адатынча кызды күтүп, жол карай беришти. Кыз эртеси да үйгө келбеди, анын эртеси да...* (Өмүрбаев).

**ЖОЛ КИРЕ** 1. Жолго төлөө акысы. Жолоочунун бир сапарга барып-кайтуусуна узак убакка кете турган чыгымы. 2. Жолоочунун мүмкүнчүлүгүнө пайдаланылган үчүн төлөнүүчү жол акы.

**ЖОЛ ТАЛАШУУ** Мансап же башка максат үчүн бирөө менен ат салышуу. *Дүр окууну нечен жылда мыкты бүттү. Орус төрөлөрүнө алынып, астыртан жол талашып, өзү бийлеп баратканын көргөн кыраан атасы билгизмемиш этти* (Бейшеналиев).

**ЖОЛ ТАРТУУ** Сапар чегүү, жолго чыгуу, жөнөө. *Тек, ошондо сен калдайган ырчы, күүчү, обончу шаңшып, топ менен калдайып жол тартасың* (Бейшеналиев). – *Молдоке-е аттаналы-ы! Жол тарталы-ы. – Бизди көп кечикпегиле деген. Кармалып калдык!* (Бейшеналиев). *Эми жол тартканы турасың го? – деп Алымкул ордунан турду* (Абдукаримов).

**ЖОЛ ТООМУ** Туш-туштан келген жолдор кесилишкен жана андан ары уланышкан жер. *Жол тоому жолду улабаса, жол өзү жоголот* (Сыдыкбеков).

**ЖОЛ ЧАБУУ** 1. Жол салуу. 2. *өт.* Жол

көрсөтүп берүү.

**ЖОЛАМАН** Жолдун пири. *Бирде касиеттүү Капсылазам колдосо, бирде Кырк чилтен, бирде жакшылык ыроологон Жоламан колдоп, куттуу ордосуна көңүлү куунак кайтат* (Субанбеков).

**ЖОЛБОРС** 1. Жол-жол темгилдүү, мышыктар тукумуна кирүүчү чоң жырткыч айбан. *Кабылаң, жолборс, бөрү бар. Илбирс, аюу, шери бар* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк, эч нерседен коркпогон, тайманбас. *Бай Жакыптан туулган, Баатыр Манас жолборсу* («Манас»). *Качырганын куткарбас, Кадимки жолборс эри бар* (Токтогул).

**ЖОЛБОРС ЖҮРӨК** Эч нерседен коркпогон, тайманбас, баатыр, эр жүрөк. *Бул ушундай жолборс жүрөк, муну менен эрегишип болбойт* (Каимов). *Мамбеттей жолборс жүрөк азаматтын атырылганы, айбаты жаш мырзаны козголтоор, ырайым, эттирээр...* (Бейшеналиев).

**ЖОЛБУН** Жолдон, кошулган, чоочун, башка жактан келген, бөтөн, адашып жүргөн, кайдан экендиги белгисиз. *Жолбун мал. Жолбун киши. Жакындан бери малчылардын айлында бир жолбун кара күчүк пайда болду* (Осмоналиев).

**ЖОЛБУН СУУ** Катуу жамгырда, кар эригенде агып, сай-сайга куюучу убактылуу аккан суулар. *Сайга батпай сел жүрүп, Жолбун суулар чамынган* (Токобаев).

**ЖОЛБҮГҮН** Коомдун, саясий, социалдык, экономикалык жашоо-турмушунун алган багытын, баскан жолун учур удулун жалпылап түшүндүрүүдө колдонулуучу сөз.

**ЖОЛГО КОЮУ** Ишти же дагы бир нерсени жөнгө салуу, жөнүн таап жакшыртуу, тартипке келтирүү, ондоо, ирeттөө. *Бизде эмгекти уюштуруу ишин жолго коюу керек. Ага арымдуу масилеттерди жолго коюу маанилүү* (Бейшеналиев). *Чарбачылык жумуштары жакшы жолго коюлган* («Чалкан»).

**ЖОЛГО САЛУУ** 1. Амалын таап жөнөтүп жиберүү, эптеп кутулуу. *Сөйкөмдү бердим колуна, Зөөкүрдү салдым жолуна* (Тоголок Молдо). *Аны эптеп жолго салдым.* 2. *к.* **жолго коюу.** *Билбегенин билгизип, Минтип жолго салалы* («Манас»). *Адашканын баяндап туура жолго салып жүр* («Мендирман»).

**ЖОЛДО** Бирөөгө же бир нерсеге карата багыштоо, багыт алдыруу, арнап жөнөтүү. *Катты башкармага жолдоду.*

**ЖОЛДО КАЛУУ** Салыштырмалуу бирөөдөн ага жетпөө, ага салыштырганда өтө төмөн туруу, начар болуу, караандабай калуу. *Ой, ал мыкты да, ага жетмек кайда? Башкалар жолдо калат.*

**ЖОЛДОМО** Командировкага, кызматка, эс алуу жайларына ж.б. жиберилгендиги жөнүндөгү документ, путевка.

**ЖОЛДОН ЧЫГАРУУ** Азгыруу, алдоо, терс ишке, жаман ишке дуушар кылуу. *Сыйкырчыдан сексен кыз, Күнүгө үч жол жандады, Чыгарып жолдон алдады* («Сейтек»). *Аны көз көрүнөө жолдон чыгарды* (Абдукаимов).

**ЖОЛДОО** **жолдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЛДООЧУ** Ишин улантуучу, жолун жолдоочу адам. *Анын жолун жолдоочу киши жок.*

**ЖОЛДОШ** 1. Сапарга бирге чыккан, бирге жол жүргөн адам, жанында кошо болгон адам. *Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат* (макал). *Уй кайтарган кара таз, Жолдош кылып берди эле* («Эр Төштүк»). 2. Көңүлү, пикири жакын, бири-бирине күйүмдүү, бирге жүргөн таттуу, ынак адам. *Жамандыкты жолотпойт, Ак тилектүү жолдошум* (Осмонов). *Сыр алышкан жолдошторду дагы, көрөр бекемин? – деген суроо Каныбек үчүн табышмак* (Жантөшев). 3. Аялы же күйөөсү. *Атакем кошкон жолдошум, Энекем кошкон теңдешим* («Эр Табылды»). 4. Коомдун граждандарына кайрылууда, өлкөлөрдүн гражданини экендигин белгилөө иретинде колдонулат. *– Кош, жолдош башкарма! Акийма карындашка кандай байге болот?* (Жантөшев). *– Сиздин мисалды уккубуз келет, жолдош Карабашев* (Сыдыкбеков).

**ЖОЛДОШ СУРАМАЙ** *этн.* Жаштардын оюну, отуруштарда, жоролордо, майрамдарда ойнолот.

**ЖОЛДОШ-ЖОРО** Бирге жүргөн, бирге иштеген, жолдошчулугу бар теңтуштар. *Жаштар үйлөрүн, жолдош-жоролорун сагынышты.* (Баялинов).

**ЖОЛДОШСУ** Жолдошум деп эсептөө, жолдош катары саноо. *Жолдошсуп келген ар качан, Дагы бир досум ал кезде* (Маликов).

**ЖОЛДОШТУК** Жолдош иретинде болгон мамилеге негизделген жакындык, ынактык, жолдошчулук. *Мен Зина менен жолдоштук иретинде гана жүрөмүн, Вера Ивановна,– деди Сапар* (Сасыкбаев).

**ЖОЛДОШЧУЛУК** **жолдоштук** менен бирдей. *Аз күндүк жолдошчулук эки кызды анча сырдаштыра алган эмес* (Сыдыкбеков).

**ЖОЛДУ КЫСКАРТУУ** *к.* **узун жолду кыскартуу.**

**ЖОЛДУГУН ЖАСОО** Бир маанилүү нерсенин бүткөндүгү үчүн ажат ачкан бирөөлөрдү ыраазы кылуу расмиси.

**ЖОЛДУК** 1. Кандайдыр бир иш, кубанычтуу кабар, жакшылык үчүн берилген белек, сыйлык. *Сүйүнчүнүн жолдугу ушул болот,– деди Токуш сестрага* («Ден соолук»). *Жолдугуңа ат берем, Кечиктирбей бат берем* («Эр Табылды»). 2. Жолдо, жол жүргөндө керектеле турган, жолго керектүү (тамак-аш, кийим-кече жөнүндө). *Жолдук*

*азыгын камдоо. Жолдук кийимдерди даярдап коюу.*

**ЖОЛДУУ** 1. Узатасынан тилке-тилке түшүрүлгөн жолу, изи бар, сызыктуу. *Майда көгүш жолдуу бөз жегдесинен тамтык жок* (Абдукаримов). 2. Олжолуу, олжосу бар, жолу болгон. *Удан жолдуу кайтты. Аттан жолдуу.*

**ЖОЛКУ** Бир жолу болгон же бир нече ирет кайталанган окуяны, ишти, ошол учурдагы абалды ж.б. билдирип, белгилей көрсөтүү үчүн колдонулат. *Ушул жолку ишти сага тапшыралы. Бир жолку ачууңду бизге бер.*

**ЖОЛО** Жакын келүү, жакындоо, байланышта, өз ара катышта болуу, ошол айланада болуу. *Балдар кызыкка батып, тобурчак ыргытышкан сайын чөйрөгө канаттуу жологон жок* (Сыдыкбеков). *Тулпарды таап бербесе, Жолобосун өзүмө* («Эр Төштүк»).

**ЖОЛОЙ** Бирөөнүн каадасы, жолу, көндүм болуп калган жорук-жосун. *Жоболоңдуу жеңелердин жолоюна түшүп, келиндери «шиш кара акем» дешер эле* (Касымбеков).

**ЖОЛОО** **жоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЛООЧУ** Жол жүргөн, сапарга чыккан адам, жүргүнчү. *Жол кадырын жолоочу билет* (макал). *Түн көшөгөсү жолоочунун көзүн бүркөп, айлананы ага такыр көрсөтпөйт* (Баялинов).

**ЖОЛООЧУЛА** Жол жүрүү, бир жакка баруу, жолго чыгуу. *Жолоочулап бараткан, Бир абакем кула атчан* (Турусбеков).

**ЖОЛООЧУЛАТ** **жолоочула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОЛООЧУЛОО** **жолоочула** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЛООЧУЛУК** Жол жүргөндүк, жолоочу адамдын абалы, жол жүрүп бараткан адамдын шарты, жүргүнчүнүн абалы. *Жаңы чыктык, жолоочулук бүткөн жок* (Токомбаев).

**ЖОЛОТ** **жоло** этишинин аркылуу мамилеси. *Мурунку чырың баштасаң, Эл ичине жолотпойт* (Токтогул).

**ЖОЛОЮНА ТҮШҮҮ** Бирөөнүн айткан-дегени менен болуу, азгырылуу. *Касымбектин жолоюна түшүп, бөлүнүп-жарылгысы бар* (Бейшеналиев).

**ЖОЛСУЗ** Өтүүгө жолу жок, жол салынбаган. *Сыйгалактап жолсуз жерден келе жатканын кара* (Сасыкбаев).

**ЖОЛТОЙ** Бакыт, жакшылык алып келүүчү. *Сактап келдим аманат, Сан душмандын ичинен, Курсакта жолтой балаңды* (фольк.).

**ЖОЛТОО** Кандайдыр бир ишке, иштин, аракеттин аткарылышына, максаттын жүзөгө ашырылышына карата болгон тоскоол, каргаша, кесепет. *Балдардын тилегине жолтоо кылбайлы* (Бейшеналиев). *Жол ачылып турганда, Жолго жолтоо кылбаңыз* («Эр Табылды»)

**ЖОЛТООЛУК** Жолтоо болгон абал, тоскоолдук. *Балдардын ойнуна жолтоолук кылуу. Жолтоолуктарды жеңип өтүү.*

**ЖОЛТООЧУЛУК** **жолтоолук** менен бирдей.

**ЖОЛУ** 1. Кайталануу ирети, мертебе. *Садык районго нечен жолу барып келди* (Байтемиров). *Эки жолу Абдылда жигит болуп роль аткарган* (Байтемиров). 2. Белгилүү бир мезгилде, учурда. *Өткөн жолу байгени Маруся алган* (Сыдыкбеков). *Амантур бул жолу жөн эле окуу үйүнө кирип калды* (Убукеев).

**ЖОЛУ АЧЫК** Эч бөгөтү жок, тоскоолдуксуз, шыр, шыдыр. *Жолуң ачык, мынакей баскын ылдам, Мезгил эмес, бир минут күтө турган!* (Осмонов).

**ЖОЛУ АЧЫЛУУ** 1. *к.* **ак жолу ачылуу.** 2. Катташууга, барып-келип жүрүүгө шарты туура келүү, мүмкүнчүлүк алуу. *Келинди отко кийирип койсок жолу ачылып калат эле* («Чалкан»). *Мейли, бирди-жарым катуу чатак чыгып кетсе, кийинкисине жакшы. Жолубуз ачылды* (Үмөталиев).

**ЖОЛУ БАЙЛАНУУ** Өз алдынча кетүүгө мүмкүнчүлүгү, укугу жок, өз башына өзү ээ эмес, бирөөгө көз каранды. *Элди, жерди сагынганымды айтпа, кетейин дегенде эки көзүм төрт. Бирок, жолум байлануу* («Ала-Тоо»).

**ЖОЛУ БОЛБОО** Кандайдыр бир иши, көздөгөн максаты орундалбай, ордунан чыкпай калуу, иши оңолбоо. *Асылжандан кийин акемдин аялдан жолу болбой калды* (Сыдыкбеков). *Жолу болбой Жолдубайдан, Жыгылды анын баары* (Көчкөнов).

**ЖОЛУ БОЛУУ** Иши оңунан чыгуу, ийгиликке жетүү, олжолуу болуу. *Мына эми жолуң боло берди, Каранар сага буюруп туулуптур, баркына жетип асырап ал* (Айтматов). *Барган жериңерде жолуңар болсун, кошкула, – деди жолоочу* (Абдукаримов). *Андан жолу болуп бир тоодак атып алышты* (Жантөшев).

**ЖОЛУ КАТКАН** Иши илгери болбогон, иши оңунан чыкпаган, таалайсыз деген сыяктуу жемелөө маанисинде колдонулат. *Төштүктүн тогуз агасы, Жолу каткан иттердин, Акмактыгын карачы* («Эр Төштүк»). *Жоголгондор табылып, Жолу каткан чоронун, Абийири минтип жабылып* («Сейтек»).

**ЖОЛУ КАТУУ** Баштаган иши ийгиликтүү аяктабаган, кара жолтой, жолу болбогон. *Жолу катуу түгөт чал, Жолбун иттей улуп кал* (Тоголок Молдо). *Молдобасаным, мынча болду, жолу катуу агаңдын тилин ал* (Бейшеналиев).

**ЖОЛУ УЛУУ** Жаш курагына карабай сыйлануучу урматталууга жөнү бар, ызааттalууга жол берүүчү себеби бар адам, кадырлуу, сыйлуу адам. *Кичүү болгонуң менен сенин жолуң улуу, өйдө өт, өйдө өт, – деп*

*калышты мага. – Өт Баке, төргө, аяк алып ичер улуулугум болгон менен сен мага кайнагасың* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖОЛУГУУ жолук** этишинин кыймыл атоочу. *Каныбек Алексеевге жолугуу үчүн селого кеткен* (Жантөшев).

**ЖОЛУГУШ жолук** этишинин кош мамилеси. *Экөөбүз түшкү дем алыш убагында гана жолугушуп туралы* (Каимов).

**ЖОЛУК** 1. Кезигүү, жүздөшүү, учуроо, кездешүү. *Ашыр Дашага да жолукту* (Сасыкбаев). *Он күндөн бери жол тосуп, Бүгүн араң жолуктум* («Курманбек»). 2. Дуушар болуу, кез келүү, туш келүү, чалынуу. *Бир кыйын окуяга жолуктум* (Жантөшев). *Аңдабай келип Элдияр, Азапка эми жолукту* («Эр Табылды»).

**ЖОЛУКТУР жолук** этишинин аркылуу мамилеси. *Анархандын ашмачы кызы Дарыяханды бир жолу жолуктурду* (Жантөшев).

**ЖОЛУМ ҮЙ** Чакан, кичирээк боз үй. Тез-тез орун алмашып көчүп-конуп же жортуулдап жүргөнгө ылайыкталып жеңил жасалган боз үй. Кээде кереге, түндүксүз эле ууктун баштары бириктирилип тигилген. *Жолум үйдөй күрсү алган* («Манас» С. К.). *Жолум үй тик. Жарга тийген жеринен жолум үйдөй из калып* (Жеңижок). *Кеч бешимде Шамшы белинин тескейиндеги Туюк төрдө жылкычылардын жолум үйүнө түнөп туш оой айылга жакындашты.* (Абакиров). *Кош баш тиккен жолум үй, От чыгып жылт-жылт тешиктен* («Эр Төштүк»). *Жолум үйдөй даңканы, Кемпирди көздөп ыркырап* («Эр Төштүк»).

**ЖОЛУМДУУ** *сейр.* Олбурлуу, зор. *Жолумдуу тууган Күлчоро, Зың-зың этип кенебейт* («Сейтек»). *Жолум тосот эрсинип, Көрүнө чыгып көзүмө, Жолумдуунун бириндей* («Сейтек»).

**ЖОЛУН ЖОЛДОО** Бирөөнүн ишин улантуу, бирөөнүн артынан ээрчүү, бирөөдөн нуска таалим алып, ошондой болууга аракеттенүү, көрсөтүлгөн багыт боюнча жүрүү, багыт берген жолго түшүү. *Эжеңдин жолун жолдоп, жаш эмессиңби, сен да ошондой алтын жылдыз тагынып калгың бардыр* (Убукеев). *– А Байымбетим, кара түйшүккө караганда кызыл тилден баар табаар, эрини жука, көзү тирүү, өмүр берсе, менин жолумду жолдоор* (Бейшеналиев). *Наркын тартып атанын, Жолун жолдоп бара албай* («Сейтек»).

**ЖОЛУН КЫЛУУ** Бирөөнүн көрсөткөн жакшылыгына кандайдыр ишке жарап бергенине ж.б. карата сый катарында бир нерсе берүү, тартуулоо. *Колдон келсе жолуңузду кылсак болот эле, бирок эч нерсебиздин жоктугун көрүп турасыз* (Жантөшев). *Эми, эмне болсо ошо болсун, ушул туягын бир балээ кылып бер, жолуңду кылайын* (Үмөталиев).

**ЖОЛУНА БӨГӨТ БОЛУУ** *к.* **жолуна чылбыр таштоо.**

**ЖОЛУНА ЧЫЛБЫР ТАШТОО** Бирөөгө кыянаттык кылуу, жолтоо болуу, жолун тосуу, тоскоолдук кылуу. *– Уккула! Ак жолума кимде ким чылбыр таштап, куранды аттай турган болсо, ар киминди мына ушундай жазалайм* (Жоошбаев). **В.: Жолуна бөгөт болуу.** *Же Тоголок Молдо акунума теңелбей, кол куушуруп жолуна бөгөт болбоюн дегенби?* (Бейшеналиев).

**ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН!** *к.* **ак жолуң ачылсын!**

**ЖОЛУҢ БОЛГУР!** Кимдир бирөөнүн орунсуз иш жасаганына, чекилик кылып коюшуна, кылык-жоругуна карата кейип, өкүнгөндүгүн билдирип жемелөө иретинде колдонулат. *– Ой, жолуң болгур, сүйүн дебейсиңби!* (Бейшеналиев). *– О, жолуң болгур десе, жүрөгүбүздү түшүрүп койбодуңбу* (Байтемиров). *Оо, жолуң болгур десе, сенин өзүңдүн маңдай териң менен тапкан акчаң бар эмеспи* (Саатов). **В.: Жолуң каткыр!** *Ой, жолуң каткыр! Ушундай да иш кыласыңбы? Э, жолу каткыр!*

**ЖОЛУҢ ШЫДЫР, ЖОЛДОШУҢ КЫДЫР БОЛСУН!** Жолго чыккан, жол тартып бараткан адамга карата жолуң жакшы болсун, жолдо эч кырсыкка учурабай барып кел деген мааниде жакшы тилек кылуу, бата берүү иретинде колдонулат. *Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, балам.! – деп карыя адам бата берди* («Ала-Тоо»). **В.: Жолуң шыдыр болсун!** *– Саадaнбек, эми жакшылап айда, алдыңа кетейин... – Жолуң шыдыр болсун!* (Жусупов).

**ЖОЛЧУ** 1. Жол куруучу же жол кызматында иштөөчү адам. *Кубангандан жолчулар, Кужулдашып калышты* (Токомбаев). 2. *тар.* Почта жолунда иштөөчү, жолду тазалоочу, оңдоочу жана кирекечтерге жардам берүүчү адам. *Жолчулардын кыштоолору ушул жерден көрүнүп турат* (Элебаев).

**ЖОЛЧУЛУК** Жолдо, жол кызматында иштегендик.

**ЖОМ** Кызылчанын иштетилип алынгандан кийинки калган тоют катары малга берилүүчү калдыгы, тобу. *Жүгөрүнүн силосун, жомду кеңири пайдалануу менен малды бордоп семиртүүнү талаптагыдай уюштуруу керек* («Айыл чарба»).

**ЖОМОК** 1. Ойдон чыгарылган, окуялары апыртмалуу, фантазиялуу түрдө көрсөтүлүп, баяндоо иретинде айтылган элдик оозеки чыгарма. *Айтылат ар бир үйдө албан жомок, Жомок да билгендерге жомок болот* (Шүкүрбеков). ‖ Ушундай мазмундагы адабий чыгарма. *Пушкиндин жомоктору. Андерсендин жомоктору.* 2. Чындыкка жатпаган, ар кандай апыртмалуу баяндама, кеп. *Болгон иш жомок экен чын түшүндүм* (Токобаев). *Кыл көпүрө деген – жомок* (Сыдыкбеков). 3. Элге-журтка кеңири белгилүү болуп, көп

айтылып таралып кеткен кеп, окуя, кабар. *Айтылган ар бир үйдө жомок болуп, Манастай өлбөс-өчпөс атак алгын* (Үмөталиев). *Турмуштун бул кайгысы болду жомок* (Шимеев). *Кыягы Ителгинин жомок болду, Чынында эл мактарлык бар эле орду* (Үмөталиев).

**ЖОМОК БАШЫ** *адаб.* Элдик оозеки чыгармаларда жомоктордун кириш бөлүгү. Мис. «Манаста» *«...Көбү жалган көбү чын, көпчүлүктүн көөнү үчүн...»* деген саптар менен жомок башы айтылса, жөө жомоктордо *«Илгери-илгери өткөн заманда...», «Бар экен да жок экен...»* дегендей салттуу сөздөр менен башталат.

**ЖОМОК СОҢУ** *адаб.* Оозеки чыгармалардагы жомоктордун жана жөө жомоктордун традициялуу бүтүмү. «Манас» эпосунда башкы каармандардын кайып болушу менен аяктаса, жөө жомоктордо «...*Ушинтип жыргап-куунап жашап калышыптыр...*» дегендей бүтүм чыгарылат.

**ЖОМОКТО** Өткөндү баяндап айтып берүү, кандайдыр бир окуяны толук сүйлөп берүү, жомок сыяктантып айтуу. *Сүйлөрсүң кийин жомоктоп* (Элебаев). *Мусабек ашуу ашып, таш басып кыйналган күндөрүн жомокточу* (Сасыкбаев).

**ЖОМОКТОЛ жомокто** этишинин өздүк мамилеси. *Сөз болду эрдин жайы жомоктолгон* (Токомбаев).

**ЖОМОКТОО жомокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОМОКТОТ жомокто** этишинин аркылуу мамилеси. *Андрей кызык окуяларды жомоктотуп айткысы келди* (Сасыкбаев).

**ЖОМОКТУУ** Жомогу бар, жомок аралашкан, жомокту көп айткан. *Кулактын курчун кандырган, Жомоктуу, сергек эл экен* (Токомбаев).

**ЖОМОКЧУ** Жомок айткан, аны кызыктуу кылып элге жеткирген адам, манасчы да жомокчу болуп саналат. *Нурбай өтө сөзмөр, жомокчу, шайыр жигит эле* (Баялинов).

**ЖОМОЛО** *диал.* Жалпы жонунан, үстүртөн, божомолдоп айтуу. *Кээ бир иштер боюнча жомолоп гана айтылган.*

**ЖОН I** 1. Дененин кыр аркага туташ келген далы жак сырты, малдын, айбандардын кыр тарта жондонуп кеткен арка бөлүгү. *Жонунда асынган баштыгы бар солдат трибунаны көздөй келе жатты.* (Сасыкбаев). *Жонуңа чейин баткак жабыштырыпсың* (Сыдыкбеков). *Абылкасым атынын жонун иш менен сүрө кетти* (Байтеми- ров). 2. Тоонун же дөбөнүн кыры, жумуру тартып кеткен үстү жагы. *Жонду бербейт оттоп жаткан көп жылкы* (Үмөталиев). *Ар бир түрдүү сонун чөп, Ыргалып турат жондордо* (Тоголок Молдо). *Мына жонго чыгууга аз калышты* (Жантөшев).

**ЖОН II** Жылмалоо, тегиздөө, бир нерсе жасоо, керектүү формага келтирүү үчүн жукалап кесүү, кайпыта тегиздей кесүү, үстүртөн жондото кесүү. *Кетмендин сабын жонуп, короодо атам отурганын көрдүм* («Жаш ленинчи»).

**ЖОН АЛУУ** 1. Семирүү, эттенүү. *Кой семирип жон алды, Жон алганда мол алды.* (Тоголок Молдо). *Жайлоо чөбү жакшы чыкса да, мал кечигип жон алды* (Каимов). 2. Оңолуу, тирденүү, байый баштоо. *Кудайга шүгүр, азыр оңолуп, жон алып калган кезиби, – деп күлүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖОН ТЕРИ** 1. Тери. 2. Бүткөн бой, дене. *Адам турмуштун ысык, суугун өзүнүн жон териси менен сезмейинче аны жакшы таанып албайт тура* («Кыргыз руху»). *Өлүм коркунучу эмне экендигин ошондо жон терим менен сезгендей болдум* («Ала-Тоо»).

**ЖОН ТЕРИНДИ КИЙ!** Кийимди жактырбаганда кийбесең кийбе, кийүүнү каалабасаң жылаңач жүр деген мааниде колдонулат. *Жон териңди кий, сага мындан артык кандай неме жагат, – деп, атам күпүлдөй баштады* («Ала-Тоо»).

**ЖОН ТЕРИСИН СЫЙРУУ** Абдан катуу жазалоо, уруп-сабоо, сазайын окутуу, жазасын колуна берүү, кыйноо. *Эмне карап турасың! Соккула! Жон терисин сыйыргыла! – деп ортодогусу булдурсун менен тартып, тартып ийди* (Бейшеналиев). *А, бүгүн кылмыш кылсаң демек, Ал үчүн жон териңди сыйруу керек* (Борбугулов).

**ЖОНГЛЁР** Бир нече нерсени бир жолу ыргытып жиберип, кайра тосуп алуучу шамдагай цирк артисти.

**ЖОНДО** 1. Жон аркылуу өтүү, жон менен жүрүү. *Кой жайган, жондоп тосуп, жондон-жонго* (Турусбеков). 2. Жонунан, сыртынан пайдалануу. *Акматтан ала турган акчамды Карабай сыртымдан жондоп кетти* («Ала-Тоо»).

**ЖОНДОН** 1. Көтөрүлүп, көбүңкү тартып шишип чыгуу. *Камчы тийген жер бүлөөдөй болуп жондонуп чыккан. 2.* Жон-жон болуп, жон сыяктуу көрүнүү. *Ала-Тоодой жондонуп, Ач жолборстой комдонуп* («Семетей»). 3. Жон алуу, семире баштоо, эттенип семирүү. *Койлор жондонуп калды.*

**ЖОНДОТ** Кандайдыр бир иш же бир нерсе жөнүндө жалпылап, үстүртөн айтуу. *Сиз өтө эле жондотуп сүйлөп жатасыз, ток этер жерин айтыңызчы. Акырын жондотуп айтсам, түшүнгөндөй болду* (Өмүрбаев).

**ЖОНДОТУУ жондот** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОНДУР жон II** этишинин аркылуу мамилеси. *Арчадан кундак ойдурган, Алмадан шыйрак жондурган* (Тоголок Молдо).

**ЖОНДУУ** 1. Жон-жон болуп, кыр болуп турган. 2. Эттүү, семиз, жону бар, жон алган. *Төө комдуу калды, Кой жондуу калды* (Тоголок Молдо).

**ЖОНОК: бүгүн – конок, эртең – жонок**

Бир күнү же биринчи күнү конок кылууга, сыйлоого болот, андан кийин анчалык эмес деген мааниде колдонулат.

**ЖОНОС** *диал.* 1. Коктунун кыры, кыр тартып, жон болуп кеткен жер. 2. Калың чөп өскөн жер.

**ЖОНУ АЧЫЛБОО** Абдан мыкты семирүү, жогорку семиздикте болуу, семиз бойдон жүрүү, этинен түшпөө. *Койлордун жону ачылбайт.*

**ЖОНУ БАР** Семиз, эттүү. *Жаздын узак, катаал болгондугуна карабастан, айрым тың чабандарда койлордун жону бар.*

**ЖОНУ БҮТӨЛҮҮ** Оңолуу, кийим-кечелүү болуп, турмуш-тиричилиги жакшыра баштоо. *Чоочун элде Айылчынын калкасы тийип, курсак ток тартып, жон бүтөлө баштады* (Бейшеналиев).

**ЖОНУ ЖУКА** Колунда жок, жарды, оокат-тиричилиги жетишсиз. *Жокчулуктан жонуңар жука болуп турганда жок намыстын кереги эмне?* (Убукеев). *Жону жука болгон менен акылга, адамкерчиликке калбаат тегирменчи ынагын уяткарбоо үчүн баралы деди* (Бейшеналиев). *Жонуңар жука экенин билип турганда, жок намыстын кереги эмне? – деди Зуура* (Убукеев).

**ЖОНУ ЖУКАРУУ** 1. Арыктоо, этинен түшүү, азып-тозо баштоо, начарлай баштоо. *Жаз катаал болуп, койлордун жону жукарып калды.* 2. Колунда жок, жардылык абалга келүү, кедейленүү. *Элдин жону жукарып, арыз айтуулар, нары карап күңкүлдөп сөгүнүүлөр күндөн-күнгө көбөйүп баратат* (Касымбеков). *Колдо эч нерсе жок жонубуз жукарып турган кез* («Ала-Тоо»).

**ЖОНУ КАЛЫҢ** Колунда бар, бардар, бай. *Алардын жону калың биз аларга (байларга) теңеле албайбыз да деп кембагалдар чуулдашты* («Ала-Тоо»).

**ЖОНУН САЛУУ** Тоготпоо, сестенбөө, тенине албаган, жактырбаган, көңүлдөнбөгөн түр көрсөтүү. *Аларды ашкебилер деп эсептейт, салкын карап, жонун салат Кудайберген чынжырлуу жолборс да Тыныбек менен Султанаалыга кыр көрсөтүп, жонун салат* (Каимов).

**ЖОНУНА КАМЧЫ ОЙНОО** Катуу таяк жеп калуу. *Эгерде энемдин айтканы атамдын оюндагыдай болбой калса, ошол жерде энемдин жонуна камчы ойноп кетүү да алыс эмес эле* (Жантөшев).

**ЖОНУНА КОНУУ** Ашкере үстөмдүк кылуу, өз билгениндей калчоо. эзүү. *– Ате, коймарек неме болсо түзүк болот эле. Кулунун жонуна конуп алар бекен? – дешет* (Осмоналиев).

**ЖОНУНАН** Үстүртөн, сыртынан, бирөөнүн эсебинен, жалпысынан, жалпы үстүнөн. *Элдин жонунан сатып жүргөн сен калбаганда мен каламбы* (Турусбеков). *Тим эле жонунан башкарам деп Мамбеткул бакылдайт* (Каимов).

**ЖОНУНАН КАЙЫШ АЛУУ** Уруп-сабап көргүлүктү көрсөтүү, абдан кыйноо, сазайын колуна берүү, катуу жазалоо. *Тигил катынын ээн бастырбай жонунан кайыш алып турсун* (Сыдыкбеков). *Мейли, жонумдан кайыш алса да макул болбойм* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Жонунан кайыш тилүү.** *Жоо бекинсе сырт жакка, Жонунан кайыш тилейин* («Эр Табылды»). *Жонунан кайыш тилип, бутуна кишен салдырып, Сары-Кашканы бактырып коём* (Көчкөнов). *Тирүүлөй жондорунан кайыш тилген, Калса эгер төлөй албай алсыз карып* (Абдыраманов).

**ЖОНУНДУ** Жонуудан, копшоодон түшкөн кырынды. *Салмоорбек атасы түшүргөн жонундулардын кочкор мүйүз болуп түрүлүп калгандарын жыят* (Сыдыкбеков).

**ЖОНЧО** Кичирээк жон, жондонуп, жон тартып кеткен жер. *О берeги көрүнгөн Айгыр жал жончо мунарык* («Манас»).

**ЖОҢГУЧКА** *диал.* Беде.

**ЖОО ЖАКАДАН, БӨРҮ ЭТЕКТЕН АЛГАНДА** Бардык жагынан кысталып, абдан коркунучтуу, кыйын абалда турганда. *Жоо жакадан, бөрү этектен алып турат* (Саякбаев). *Минтип журт бүлүнүп, жоо жакадан, бөрү этектен алып турганда катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм* (Баялинов).

**ЖОО КЕСЕП** Террорчул колдун (отряддын) мүчөсү (орусча боевик сөзү менен маанилеш).

**ЖОО КУУГАНДАЙ** Карбаластап, калдастап катуу шашкандай, алдастап айласы кеткендей, аргасыз болгондой. *Көрбөдүм андан башканы, Жоо куугандай шашманы* (Шүкүрбеков). *Артынан жоо куугандай качканын кара!* (Жусупов). **В.: Жоо кууп келе жаткандай.** *Эх, жубарымбек десе, жети түндө жоо кууп келе жаткандай, кайдан?* (Жусупов). *Эмнеге, ботом! Жоо кууп келе жаткандай, ушунчалык да качат экен ээ* (Саатов). **Жоо кубалагандай.** *– Ыя, ботом, каякка барасыңар жети түндө, жоо кубалагандай* (Бердикеев). **Жоо тийгендей.** *Тынч отурган айылды жоо тийгендей кылды да кетти* (Укаев).

**ЖОО** Талап-чаап, согушуп кирген душман, кас тарап. *Жоого жаныңды берсең да сырыңды бербе* (макал). *Айкырып четтен жоо кирсе, Айгайлатпай ким тосот (*«Сейтек»).

**ЖОО ЧААП КЕЛГЕНСҮҮ** Чоң иш бүтүргөнсүү, кур бекер эрдемсинүү, жөнү жок чоңсунуу. *Кечинде күйөөм жоо чаап келгенсип диванга кулайт, үй тирлиги кантип бүтүп жатканы менен иши жок, – деди Айша улутуна* («Чалкан»).

**ЖОО ЧАПКАНДАЙ** Баш аламан, чачылган, бүлүнгөн. *Үйдүн ичи жоо чапкандай.*

**ЖООГА** Йоги, индиянын йог илиминин жолун жолдоочу. *Бул аял ажыдаардан адам*

*түрүнө түшкөн жоога экен. Ойгонуп көзүн ачса, кашында бир кашкайган сулуу катын турат* (Тоголок Молдо).

**ЖООГАЗЫН** Кызгалдак формасындагы кооз гүлү бар, түбү пияз баштуу өсүмдүк, мандалак. *Жоогазын гүлдөсө да узакка турбайт* (Сыдыкбеков).

**ЖООГАН** 1. Ач, ачка, ачарчылык (негизги маани). 2. *өт.* Майсыз, этсиз тамак, ачарчылыктын тамагы. 3. *өт.* Сүйкүмсүз, жек көрүнчү. *Өз эриме болуп жүрөм жооган жар* (Байзаков).

**ЖООДАР: кара жоодар** *диал.* Кара сулуу. *Үч-төрт аял үрөндүк эгиндин жоодарын тазалап жатышкан эле.*

**ЖООДУР** Жалжылдаган сүйкүмдүү, бажырайган, жагымдуу (көздүн карашына карата). *Купеге шыдыр кирип келген жоодур көз өмүр шериги менен көрүштү* («Чалкан»). *Шарапат жоодур карайт, кирпик какпай* (Абдыраманов).

**ЖООДУРА** Жадырай сүйкүмдүү кароо, көзүн бажырайта жагымдуу кароо, көзүнөн нур жайноо. *Маңкайып кулун тартып, бээ саадырат, Бото көз моймолжуган кыз жоодурап* (Үмөталиев). *Жоодурап карап турбачы, Жолумдан калбай жөнөйүн* (Бөкөнбаев). ‖ Жадырап-жайнаган көрүнүштө болуу. *Жоодурап турам мен эми, Агаларым табылып* («Эр Төштүк»). *Ушул жоодурап турган жемиштерди күзөтө албасам, сакалыма чок түшкөн болор* (Сыдыкбеков). ‖ Үмүт, тилек кылгандай, тандангандай жалооруй, телмире кароо. *Анан жооп күткөндөй жоодурай тиктеп калды* («Ала-Тоо»). *Энекем качан келет деп, Эки кызың жоодурайт* (Тоголок Молдо).

**ЖООДУРАТ жоодура** этишинин кыймыл атоочу. *Келиндердин кээ бирлери телмирген көздөрүн жоодуратып ысык жашын тамызат* (Сыдыкбеков).

**ЖООКАЛАТ** Алаксытуу, бир нерсени түз, туура айтпастан чаргытуу, тайсалдатуу. *Аны азыраак жоокалата тур. Куру жоокалатпай туурасын айт.*

**ЖООКАЛАТУУ жоокалат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖООКЕР** Жоолашкан уруштун, согуштун катышуучусу, солдат, аскер кызматындагы адам. *Үйгө кирген жоокер жигит колундагы чемоданын бурч жакка койду да, Камка жакка басты* (Сыдыкбеков). *Эки солдат моюндашып бир жүрүп, Жоокер антын жоо бүткөнчө сактаган* (Токомбаев).

**ЖООКЕРЛИК жоокерчилик** менен бирдей. *Жоокерлик заман ушул го, Жигиттер алга темингин.* (Маликов).

**ЖООКЕРЧИЛИК** Жоолашып, согуш, күрөш аракетинде болгондук, согушуп, күрөшүп жаткан мезгил, убак. *Бүттү эми, ойлонуу жок, Жоокерчилик мезгилде* (Нуркамал). *Жоокерчилик бул жердегидей эмес да* («Ала-Тоо»).

**ЖООЛА** Касташуу, душманын чаап алуу, жоосу менен согушуу, салгылашуу, душмандашкан, араздашкан абалда болуу. *Дөөлөттүн аман чагында, Жоону бирге жооладык* («Сейтек»). *Айгайлашып бакырып, Жоолаганың ким? – деди* («Манас»).

**ЖООЛАП** Тазалап. *Ичини жоолап аптада, Көрүп койгон мылтыгын* («Эл адабияты»).

**ЖООЛАТ жоола** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖООЛАШ жоола** этишинин кош мамилеси. *Бир уруу экинчи уруу менен ар дайым доолашып, жоолашып, кагышып, чабыша берген* (Убукеев).

**ЖООЛОО жоола** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖООЛУК** 1. Аялдар башына салынуучу ар түрдүү төрт чарчы кездеме же токулган оромол. *Жибек жоолук. Жүн жоолук. Шалы жоолук. Бөртмө жоолук. Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло, Алымкан* (Токтогул). 2. Белге курчана турган төрт чарчы кездеме, кур. *Жигиттин баары бирдей баатыр болбойт, жоолугун көөдөсүнөн бууган менен* (макал).

**ЖООЛУК САЛУУ** Колукту күйөөнүн босогосун аттап келин болуп келгендеги жоолук салуу. Жаңы келинге кайненеси, же күйөө тараптын жакын туугандарынан, же айылдагы сыйлуу зайыптардын бири ак жоолук салат. Ырасми боюнча салынган биринчи ак жоолукту жесир, күйөөсүнөн ажырашкан, төрөбөгөн, балдары токтобогон аялдар салышкан эмес.

**ЖООЛУК ТАШТАМАЙ** Бет маңдай карап тегерете отурушкан элдин артынан бир киши айланып чуркап, бирөөнүн аркасына көрсөтпөй эшилген жоолук таштап, белгилүү эрежеси боюнча бирин-бири куушуп ойной турган оюн. *Кыз-келиндер, боз уландар чарчоону сезбей жоолук таштамай, токту сурамай ойношуп айыл четине чыгышты* (Сыдыкбеков).

**ЖООЛУКЧАН** Башына жоолук салынган, башында жоолугу бар. *А тиги кызыл жоолукчан – эмгектин кызы селкибиз* (Турусбеков).

**ЖООМАРТ** Март, берешен, колу ачык. *Берген жоомарт эмес, алган жоомарт* (макал). *Тең көрүү жаратылат жоомарт колдон* (Үмөталиев). ‖ Бай, колунда бар.

**ЖООМАРТТЫК** Марттык, берешендик, колу ачыктык. *Жоомарттык анын жакшы сапаты.*

**ЖООН** 1. Туурасынан алганда чоң, ичке эмес, ичкенин карама-каршысы. *Жоон карагай. Жоон ийне. Жоон жип.* ‖ *Бул жерде чоңчоң теректер, жоон-жоон талдар өскөн* (Бөкөнбаев). ‖ Толук, семиз, эткел. *Туурасы жоон, бою пас, Дүлдүйгөн беттүү өңү саз, Келберсиген чоң Жолой* («Манас»). 2. Өзүн алдуу-күчтүү сезип зөөкүрсүнгөн, менменсин-

ген адам. *Жоонсунуп жол бербес, Жоонду чапкан Курманбек* («Курманбек»). 3. Конур, ачык, бийик чыккан (үн, дабышка карата). *Давыденко жоон үнү менен салмактуу тарттырып ишендире айтты* (Жантөшев).

**ЖООН БИЛЕК I** Кара күчүнө таянган, күчтүү, балбан. *Эси жок бала дардактап жоон билек болот* (Сыдыкбеков). *Жолборс моюн жоон билек, Жоругу калың таш жүрөк* («Манас»). **В.: Билеги жоон.** *Билеги жоон бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат* (макал). *Билеги жоон жаш жүрөк, Душманга салган чоң дүмөк* («Манас»).

**ЖООН БИЛЕК II** *аңч.* Боо тагары, саны жоон бүркүттүн түрү.

**ЖООН-ЖОЛПУ** Тууралжын келген болук, эткел, алибеттүү, москоол, күрсүйгөн. *Мурза жоон-жолпу колун түү-түлөп барсканды чамгарактата көтөрүп сого баштады* (Сасыкбаев). *Сергей өтө далылуу, күржүйгөн жоон-жолпу киши* (Сасыкбаев).

**ЖООН КАМЧЫ** *к.* **кызыл камчы.**

**ЖООН КӨКҮРӨК** Эрдемсинген, баатырсынган, мактанчаак, бой көтөрмө. *Чаке, мындай жоон көкүрөктөрдү теске саларсыз деген үмүттөбүз* («Чалкан»). *Жоон көкүрөк – эрдемсиген, баатырсынган.*

**ЖООН МОЮН** Анча-мынчаны тоготпогон, менменсип кербезденген, кенебеген, тил албаган. *Жаш туруп эмитен жоон моюн болсоң, сени ким жакшы көрөт* («Ала-Тоо»). **В.: Мойну жоон.** *Мойну жоон жигит көрүнөт* («Ала-Тоо»).

**ЖООН ОРТО** Жакшы менен жамандын ортосу, өтө мыкты да эмес, өтө жаман да эмес. *Кашгарысы менен Жукөйү жоролук шайырлардын арасындагы жоон орто жайдарылары* (Бейшеналиев). *Мектептердин алды болбосо да жоон ортосу делип эсептелген* («Мугалимдер газетасы»). *Жоон орто эти бар кой. Ушул айылдагылардын жоон ортосу – Турганбек* («Ала-Тоо»).

**ЖООН ӨПКӨ** Менменсинген ала көөдөн, опурулуп-жапырылып, мыктысынып, чоңсунуп сүйлөгөндү жакшы көргөн, ала көөдөн, мактанчаак. *Өзүндө жетер акылы деле бар. Бирок, жоон өпкө неме, акылын көөдөктүгү жеңип кетет* (Медетов). *Эшен мактоону жакшы көргөн жоон өпкө киши экен* (Токтогул).

**ЖООН СОЗУЛУП, ИЧКЕ ҮЗҮЛҮП ТУРГАН УБАК** Калган-каткан, жук-жубур түгөнүп, тамак-аш ж.б. өп-чап, тартыш болуп турган каатчылык маал. *Жоон созулуп, ичке үзүлүп турган кооголуу убакта чекисттер да бекер карап турушкан жок* (Саатов).

**ЖООН СҮЙЛӨӨ** Мактануу, көкүрөгүн көтөрүү, эрдемсүү. *Мунун жоон сүйлөгөнүндө кеп бар тура деп, чал ичинен күңгүрөнүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖООН ТОП** Бир кыйла көп, бир далай. *Жоон топ кыз-келиндер, жигиттер тоотмек ойношту. Тентек кыздын колтугунда буктөп-буктөп кысып алган жоон топ газета бар* (Сыдыкбеков). *Эртеси жоон топ жигитти ээрчитип, түш ченде Тозор келди* (Эшманбетов). *Жоон топ киши чоң үйгө кирип кетип, биз көчөдө күтүп турдук* («Ала-Тоо»).

**ЖООН ҮНДҮҮЛӨР** *грамм.* Айтылганда тилдин артка тартылышы менен анын түп жагынан жасалган үндүү тыбыштар (мис. а, о, ы, у).

**ЖООНДУ ЖОНУП ЖЕГЕН** Ыгын таап, эптештирип, ортодон пайда таба билген. *Ал жоонду жонуп жеген эргулдардын бири* («Ала-Тоо»).

**ЖООНДУК** Жумуру нерсенин тууралсы, тууралсынан алгандагы өлчөмү. *Жоондугу бир кулач карагай.* ‖ *Жоондугу билектей кайыңды кыйды* («Ала-Тоо»).

**ЖООНОЙ** Жоон болуп өсүү, жоон тартуу, тууралсы өсүү, жоондугу артуу. *Жооноюп талдар өсүп калыптыр* («Ала-Тоо»). ‖ Тууралжын тартуу, болук, эткел абалга келүү. *Жамал күн өткөн сайын жоонооюп бара жаткан эле* («Ала-Тоо»).

**ЖООНОЙТ** **жооной** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖООНОЮУ** **жооной** этишинин атоочу.

**ЖООНСУ** **жоонсун** менен бирдей.

**ЖООНСУН** Өзүн алдуу-күчтүү катарында сезүү, бой көтөрө менменсинүү, тыңсынуу, дөгүрсүнүү. *Жоонсунуп жол бербес, Жоонду чапкан Курманбек* («Курманбек»). *Жоонсунган душмандан, Жолугуп өчүн ала албай* («Сейтек»).

**ЖООП** 1. Бир нерсе жөнүндө кайрылганда же суроо берилгенде ага карата кайтарылган ой, пикир, айтылган сөз. *Дарыяхандын суроосуна Анархан жооп берген жок* (Жантөшев). // Сабак боюнча коюлган суроолорго окуучулар, студенттер ж.б. тарабынан берилген баяндама. *Билиш, талаш, суроо, жооптор башталат. Тыңшайт кана, жаңы окуучу көнбөгөн* (Токомбаев). 2. *мат.* Математикалык маселелердин, мисалдардын чыгарылышындагы тыянак, жыйынтык, корутунду. 3. Өзүнүн иштеген ишине, жүрүш-турушуна, кылган күнөөсүнө ж.б. карата адамдын моюнундагы жоопкерчилик, милдет. *Кишимжанды өзүңө ал, Өзүң жооп бересиң* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ушул сөзүңүздү далилдей албасаңыз жоопко тартыласыз* (Каимов). 2. Ээси тарабынан анын бир нерсесин алууга, пайдаланууга берилген мүмкүнчүлүк, уруксат. *Бирөөнүн атын жообу жок минбе, алба* (Токомбаев). ‖ Каалоосу, ниети билдирилген ой, макулдук. *Үйлөнүүгө кыздан жооп сурады* (Токомбаев).

**ЖООПКЕР** 1. *эск.* Жооптуу. *Жоопкер кызматкер.* 2. *эск.* Айыпка жыгылган, айыптуу, күнөөлүү, айыпкер. *Чыр-чатагы болучу, Довогерге жоопкер, Тогуз берип коюучу* («Жазгыч акындар»).

**ЖООПКЕРДИК жоопкерчилик** менен бирдей. *Жоопкердик менен кароо.*

**ЖООПКЕРЛИК жоопкерчилик** менен бирдей. *Жоопкерлиги жок иш.*

**ЖООПКЕРСИЗДИК** Кылган ишине, мойнундагы милдетине көңүл коштук менен мамиле кылуучулук, жооптуулугун сезбөөчүлүк. *Ишке жоопкерсиздик менен мамиле кылуу.*

**ЖООПКЕРЧИЛИК** Иштеген ишине, мойнундагы милдетине жооп берүүчүлүк, жооптуулук, милдеттүүлүк. *Шыгай жоопкерчиликти сезет* (Сасыкбаев). *Сайкал өзүнө жүктөлгөн милдетин жоопкерчилик менен орунда- туучу* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ** 1. Жооптуулугу, милдеттүүлүгү бар, маанилүү (иш). *Бул жоопкерчиликтүү иш.* 2. Жоопкерчиликти сезе билген, ишенимдүү, уяттуу. *Эки үйдүн бел байлар жигити деп корсоюп, мен өзүмдү жоопкерчиликтүү сезем* (Айтматов).

**ЖООПСУЗ** 1. Жоопкерсиздик, өзүн жооптуумун деп эсептебегендик. *Өз милдетине жоопсуз мамиле кылуу.* 2. Жооп кайтарылбастык, жооп берилбестен. *Анын суроосу жоопсуз калды.* 3. *сүйл.* Уруксатсыз. *Директордон жоопсуз эч жакка кете албайт.*

**ЖООПСУЗДУК** Мойнундагы милдетин сезбегендик, кош көңүл мамиле кылуучулук. *Бул эмне деген жоопсуздук.*

**ЖООПТО** Кылган күнөөсүн, кылмышын мойнуна коюу, айыптоо, жоопко тартуу. *Кылмыштуу үчүн жооптодук.*

**ЖООПТОЛ жоопто** этишинин туюк мамилеси.

**ЖООПТОШ** Өз ара сүйлөшүп бири-бирине оюн, пикирин айтышуу, коюлган маселелер боюнча бири-биринен жооп алышуу, сүйлөшүп макулдашуу, кабарлашуу. *Бала баатыр жиберди, Жооптошуп кайтсын деп* (Жантөшев).

**ЖООПТОШУУ жооптош** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖООПТУУ** 1. Күнөөлүү, айыптуу, кылмыштуу. *Сот алдында жооптуу болдум.* 2. Кандайдыр бир ишти аткарууда жооп бере турган, ошол ишти аткаруунун негизги жоопкерчилиги жүктөлгөн. *Мен ошол күнү жооптуу дежурный элем* («Ала-Тоо»). // Жоопкерчилик милдети жүктөлүү менен бирге, ишти аткарууда жана башкаруу жагында белгилүү укуктары бар. *Жооптуу кызматкер. Жооптуу редактор. Жооптуу секретарь.* ‖ *Кантондук партия комитетинин жооптуу катчысы – Акбаев* (Сыдыкбеков). 2. Аткарууда өтө татаал, өтө маанилүү, жоопкерчилиги көп. *Малды ашуудан ашырып алып келүү жооптуу да* (Убукеев). *Мойнуна жүктөлгөн коомдук милдет Динарга баарыдан жооптуу сезилди* (Сыдыкбеков).

**ЖООПТУУЛУК** Белгилүү бир ишке жооп берүүчүлүк, ал ишти аткарууга же аткарылышына милдеттүүлүк. *Жооптуулук менен кароо. Жооптуулугун сезүү.*

**ЖООР** Ээр-токумдун басылышынан, сүрүлүүдөн, өйкөлүүдөн мингич аттын, эшектин жонунда пайда болгон жара. *Жоорду чымын ырбатат* (макал). *Желдиги жок ат минсең Өркөч, бели жоор болот* (Тоголок Молдо).

**ЖООРУ** Ээр-токум өтүүдөн, сүрүлүүдөн жоор пайда болуу. *Тердиги жука эле атым жооруп калды* (Мидин). ‖ Колдун, буттун ж.б. териси сүрүлүп кабаруу, кызыл көш болуу. *Айласыздан көп басып, чокойдо бутум жооруду* (Каралаев). *Бээлерди жайдак минсеңер куйругуңар жоорубайбы* («Жомоктор»). *Татыгулдун, колу жооруп калды* (Сыдыкбеков).

**ЖООРУН** 1. Далы. 2. Далынын сөөгү. 3. Жалпы эле адамдын аркасы, жону. *Жооруну калың, бил билек.* («Манас» С.О.) *Жолборс жүрөк, таш билек, Жооруну калың жар кабак* («Манас»).

**ЖООРУН ЧУКУУ** Жетишпеген жактарын, жаман кылык-жоругун айта баштоо. *Ырчым «Жоорун таап чуку! Унутулган айыбын аңтар» дегени эмнеси* (Осмоналиев).

**ЖООРУНЧУ** Далыга карап болочокту айтып берүүчү адам.

**ЖООРУТ жооруу** этишинин аркылуу мамилеси. *Кичине чактан кой багып, Чокойго бутту жоорутту* (Осмонкул).

**ЖООРУУ жооруу** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖООСУНТ** Душман катарында көрүү, жоо деп эсептөө. *Мени душман көрүп, жоосунтту.*

**ЖООТ жооткот** менен бирдей. *Туяктын тамашасы келиндерди жоотуп койду* (Токомбаев).

**ЖООТКОТ** Көңүлүн башка жакка буруу, алаксытуу, көңүл сооротуу, жубатуу. *Сыркоолорду жакшылап дарылап, көңүлүн көтөрсөм камдаган белегим ошол да, деп Ырыс өзүн-өзү жооткотту* («Кыргызстан аялдары»). *Жылдызкан айтайын деген сөзүн айтпайт, жооткотуп такыр башкага чалат* (Байтемиров).

**ЖООТКОТУУ жооткот** этишинин кыймыл атоочу. *Салык эптеп досунун көңүлүн жооткотуу үчүн кара жанын үрөдү* (Каимов).

**ЖООХАР** Асыл таш.

**ЖООЧУЛУК** Бирөөгө ак санабагандык, душмандык. *Жоочулугу бар болсо, Тындым кылып салайын* («Эр Төштүк»).

**ЖООШ** 1. Кишиге катуу айтпаган, куулук-шумдугу жок, мунайым, момун, уяң (адамдын кулк-мүнөзү жөнүндө). *Дүйшөнкул жаш кезинен эле коңур, бирөөгө жамандык ойлобогон жоош жигит эле* (Бөкөнбаев). *Конок койдон жоош, май берсе жей берет* (макал). 2. Азоо же үркүнчөөк эмес, үркпөгөн, селт-калт этпеген. *Жоош аттар тушоодо, кай бир аттар үч бутталган*

(Жантөшев).

**ЖООШТОН ЖООН ЧЫГУУ** Жоош, мунайым сыяктуу көрүнүп туруп эле андайларга мүнөздүү болбогон кылык-жорук көрсөтүү, күтүлбөгөн сөз сүйлөө ж.б.

**ЖООШТУК** 1. Куулук-шумдугу жоктук, бирөөгө катуу айтпаган мунайымдык, жоош мүнөздүүлүк, момундук. *Бирөөнүн жооштугунан пайдалануу. Жооштугу бар.* 2. Азоо же үркүнчөөк эместик.

**ЖООШУ** 1. Шоктугу, тентектиги жоюлуу же басаңчалоо, тынч, мунайым жүрүш-турушта болуу. *Омор күзөтчүлүк кылгандан бери Орусбек жоошуп калды* (Сыдыкбеков). *Кутманбек эс кирген сайын жоошуп келатат* («Ала-Тоо») 3. Ачуусу, жини тароо, албууттанганы, кызууланганы ж.б. басылуу. *Жанагыдан анча-мынча ачуусу тарап, Барпы жоошуй түштү* (Байтемиров). *Бугимов жоошуй түшүп, портсигарын ачты* (Сасыкбаев). 2. Азоолонбой, үркпөй же селтендеген абалда болбой жоош абалга келүү, жоош болуп калуу. *Үйрөткөн тайың жоошудубу? Азоонун өтө туйлаганы тез жоошуйт* (Бөкөнбаев).

**ЖООШУТ жоошу** этишинин аркылуу мамилеси. *Ал Соня сүйлөгөндө сөз кайырчу эмес, кайра жоошутуп, жалынып-жалбарууга аракет кылчу* (Сасыкбаев).

**ЖООШУУ жоошу** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОРГО** 1. Эки оң жак, эки сол жак буттарын тең шилтеп, чайпала, теңселе жүргөн, ылдам басык, көбүнчө жылкынын чуркоо ыгы, жүрүшү. *Карагер же желгени, же жоргосу билинбейт* (Бейшеналиев). 2. Жоргологон жүрүшү бар жылкы. *Жылас болгон жылкыдан, Желбеген жорго мингизди* («Эр Төштүк»). *Барпы көк ала жоргону салдырып өтүп баратты* (Байтемиров). ‖ Оң жак, сол жак буттарын тең шилтеп, чайпала же кыдындай жүргөн жүрүшү бар (көбүнчө жылкыга карата). *Жорго тай. Жорго жүрүш.* 3. *өт.* Ырчы, акын, шайыр, сөзмөр же өтө элпек мамиле жасаган жаш адамдарга карата эпитет катарында колдонулат. *Жакыр да болсом мен өзүм, Жаандан чыккан жоргомун* (Токтогул). *Адамдан чыккан жорго деп Балдырашып сүйлөдү* (Токтогул).

**ЖОРГО БОЛУУ** Башка түшкөн ишке, кыйынчылыкка көнүү, аны кабагым-кашым дебей көтөрүү, шартка жараша болуп бөйпөктөө. *Башка түшсө байтал жорго болот* (макал).

**ЖОРГО САЛДЫРМАЙ** Жорголорду салдырып, аларды сыноо оюну. *Жорго салдырмай да кызык болот.*

**ЖОРГО СӨЗ** Ыргактуу проза. Кеңири мааниде – тыбыштык жактан уюштурулуп, аздыр-көптүр баамга уруна тургандай ыр касиетине (ыргакка, стопалык же муундук мыйзам ченемге, ички уйкашка, эвфониялык каражаттарга ж.б.) ээ болгон кара сөз.

**ЖОРГОЛО** 1. Эки оң жак буту менен эки сол жак буттарын тең шилтеп чайпала чуркоо, жүгүрүү, жорго жүрүштө жүрүү (көбүнчө жылкыга карата). *Арчатору жаныбар, Алчаңдап басып жорголоп* («Эр Табылды»). 2. *өт.* Тез жана кылтылдай, термеле өткөн, аккан ж.б. кыймылда, абалда болуу. *Колот сайын мөлтүр булак жорголоп, Кокту менен төмөн оргуп туйлаган. Колунда калем жорголоп, Ойноп турган пионер* (Барпы). 3. *өт.* Кошомат кылуу, жагынуу, бөйпөндөө. *Жорголоп чоң алдында башын ийет* (Элебаев).

**ЖОРГОЛОО жорголо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОРГОЛОТ жорголо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОРГОЛУК** Жоргого таандык сапат, жоргологон жүрүш. *Көпчүлүктөн жорголугу мыкты эле* (Мидин).

**ЖОРГОСУ ЧЫГУУ** 1. *к.* **жорго болуу.** 2. Такшалуу, дасыгуу, мыкты үйрөнүү. *Мурда чалды-куйду азоо тайдай туйлаган эмелериң кадимкидей төшөлүп, жоргосу чыгып, даңгыр жолго чыгат* (Бейшеналиев).

**ЖОРО I** Көбүнчө кышында улам кезек менен биринин үйүндө чогулушуп, негизги ичимдиги бозо менен кошо тамак-аш ичишип, көңүл ача турган, бир катар тентуш жалаң эркектер же аялдар (кээде аял-эркектер) болуп уюшушкан топтун үлпөтү. *Кыш мезгил жердин бетин кар каптаган, Жоро ичти, көөп өңчөй жалжактаган* (Турусбеков). *Жорого барып топтолуп, Ичип бозо мас болуп* (Токомбаев).

**ЖОРО II** Теңтуш, жолдош, курбу-курдаш. *Жоро-жолдош, теңтушуң жол карап көзү тешилген* (Токтогул). *Бул отурган кырк чоро, Кырк чоро эмес, кырк жоро* («Манас»). *Кара жором жоруңар.* («Манас» С.О.). *Жар-жоросу баарысы* («Манас» С.О.).

**ЖОРО III** Жорук, жорук-жосун, кылык-жорук. *Сен элден мурун бөлүнүп жалгыз үй калып жаман жоро баштадың* (Жантөшев).

**ЖОРО IV** 1. Алдын ала даярдоо, камдоо, белендөө, арноо. *Аркагы болот, жеңи алтын, Айтылуу кийим, ок өтпөс, Атышка болжоп жородум.* («Сейтек»). 2. *туурасы:* **жоромол.** *Айтып оюн жороду* («Манас»).

**ЖОРОКЕР** *сейр.* Жолдош, жолдошчул. *Жорокерлер табылды, Жорголо, балам, багыңа* (Токтогул).

**ЖОРОКЕЧ** Жоронун катышуучусу, жоро ичишкен адамдардын бири. *Жорокечтин бири ырдады* («Ала-Тоо»).

**ЖОРОЛОШ** Ырыскылаш, үлүштөш, тең орток. *Коюбуз болсун короолош, Ашыбыз болсун жоролош* («Сейтек»).

**ЖОРОЛУУ** *сейр.* Көп теңтуш, жолдош күткөн. *Жоролуу жигиттин үйүнө бири келсе, экинчиси кетип турат.*

**ЖОРОМО** *туурасы:* **жоромол.**

**ЖОРОМОЛ** Алдын ала болжоп айтылган

ой, кандайдыр бир негизде же жөн эле баамдап божомолдогон ой-пикир, болжол. *Акбар ашууда майып болду деген жоромол кабар тарап кеткен* (Убукеев).

**ЖОРОМОЛДО** Бир нерсенин дайынын так, ачык билбей туруп алдын ала ой-пикирин айтып болжолдоо, ой жүгүртүү. *Кары адамдар он беш күндө кар эрип, кыш чыгат дешип жоромолдоду* (Бейшеналиев).

**ЖОРОМОЛДОО жоромолдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОРОМОЛДОТ жоромолдо** этишинин аркылуу мамилеси. *Жоромолдотуп сүйлөө.*

**ЖОРОМОЛО жоромолдо** менен бирдей. *Отурган аялды Шадыкандын зайыбы болуу керек деп жоромолодум* (Элебаев).

**ЖОРОО** 1. Жолдош. *Жол сурарга жороо жок, Калк сурарга кара жок* («Манас»). *Сизге жороо болууга, Эки берен табылды* («Манас» С.К.). 2. Үлпөт. *Коюбуз бирге короолош, Ашыбыз бирге жороолош* («Манас»).

**ЖОРОП** *диал.* Түр салып, кооздолуп согулган жүн байпак. *Жороп байпагы бар.*

**ЖОРОЧУ жорокеч** менен бирдей. *Жорочулар чогулушту.*

**ЖОРТ** 1. Сыдыра согуп жел жүрүү, жел катуу шамалга айланбай жана таптакыр тынчып да калбай жүрүп туруу. *Жел жортсо, кадимки толкундай ыгып, шибери жапырылат* (Сыдыкбеков). *Чыгыштын жортуп салкын жели, Жоолугуң менен желпип сени* (Үмөталиев). *Көңүлдү эркелетип беттен сылап, Жайлоонун салкын жели жортуп турат* («Ала-Тоо»). 2. Дөкүлдөп желе жүргөн жүрүштө болуу, желе жүрүү. *Аттар араң эле жортот* (Жантөшев). *Карышкыр жортуп келатып канаты сынган карчыгага кезикти* («Жомоктор»). ‖ Узак убакытка же тынымсыз көпкө созулган жүрүшкө, чабытка, жортуулга ж.б. чыгуу, кыдырып чыгуу, жер кезүү. *Төштүк сенин жорторуң, Келбестен мурун билгемин* («Эр Төштүк»). *Жортуп жүрүп жер кезип, Коңурбай да карыды* («Манас»).

**ЖОРТОК** Дөңкүлдөп желе жүргөн жүрүш, минген адам үчүн жайсыз жорто жүргөн жүрүш, аттын жүрүшү. *Жортогу жок жорголор, Чынарлуу сууну бойлогон* (Токомбаев). *Минбесе адам билеби, Жылкынын жорток, жоргосун* (Осмонкул). ‖ Дөңкүлдөп жорто баскан жүрүшү бар, басыгы жок жүрүшү тынчсыз жылкы, кашаң жылкы. *Жоор, жорток болуптур, Нардай болгон ал Буурул* («Сейтек»).

**ЖОРТУУ жорт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОРТУУЛ** Жоого каршы багытталган жүрүш, чаап алуу, багындыруу, мал тийип алуу ж.б. максаттарда жүргүзүлгөн жүрүш, жоого каршы аттануу, салгылашуу аракеттери. *Жортуулга Темирлан барып турган, Улам жаңы жерлерди алып турган* (Үмөталиев). *Жортуулга барып, эчен ирет жылкы да тийиштим* (Токомбаев).

**ЖОРТУУЛДА** 1. Жортуулга чыгуу, чаап-талап алуу ж.б. максаттарда атайын жүрүшкө чыгуу. *Жортуулдап келүүгө алыска аттанышты.* 2. Жортуп кезип чыгуу, олжо-буйла же бир нерсе издеп чыгуу. *Ким билет, түн койнун жамынып жортуулдап жүргөн карышкыр чыгар* (Баялинов).

**ЖОРТУУЛМАН жортуулчу** менен бирдей.

**ЖОРТУУЛЧУ** Жортуулга чыгуучу, жортуул жасоочу. *Жортуулчу болсоң калмакка, Даярбыз бирге бармакка* («Курманбек»).

**ЖОРУ I** 1. Тарп менен азыктануучу ири жырткыч куш. *Ар жерде кузгун, жору талап жатат, Куланып өлгөндөрдүн тарпын, сөөгүн* (Калык). *Токтогул көчкүнүн этек жагындагы айланып түшүп жаткан жоруларды көрүп чочуп да койду* (Токомбаев). 2. *өт.* Өлүм-житимди, кыргынды, жамандыкты көксөөчүнүн эпитети катарында колдонулат. *Фашист – жору, Тарпты көрсө талашкан* (Маликов).

**ЖОРУ II** 1. Көргөн түштүн маанисин чечмелеп, багыт берип түшүндүрүү, чындыкта мына мындай болуш керек деп болжолун айтуу. *Айымжан Зарылдын түштөрүн жакшылыкка жоруйт* (Сыдыкбеков). *Калың кара жедигер, Бу түшүмдү жоручу* («Сейтек»). 2. Болжолдоп баамдоо, жоромолдоп ой жүгүртүү. *Жоголгонун шакектин, Башкача жоруп айта албадым* («Мендирман»). *Култай эмнеге чатакташты экен деп, Карып ар түрдүү нерселер менен жоруп баратты* (Абдукаримов).

**ЖОРУГУ ЖОЛДО КАЛСЫН!** «Ушундай да иш кылабы, мунусу жарабайт, болбойт, куруп кетсин» деген сыяктуу жактырбоо, жемелөө маанисинде колдонулат. *Асанкул эшигин сагалап, бир туугандык касиети качкан иттин бири турбайсыңбы сен, жоругуң жолдо калсын!* (Бердикеев). *Жоругу жолдо калсын. Уккум келбейт* (Тойбаев). *Жоругуң жолдо калгыр-р. Бул эмнеси?* (Бейшеналиев). **В.: Жосуну жолдо калсын.** *– Жосунуңар жолдо калсын. Мүйүздүү Бугу-Эненин тукумуна кантип кол көтөрдүңөр? – деп наараазы болушат* (Айтматов).

**ЖОРУК** Көндүм болуп калыпташкан жүрүш-туруш, кулк-мүнөз, кыял, кылык. *Жоголсом жалган дүйнөдөн, Жоругум айтсын өз элим* (Токтогул). *Санаадан кетпей жоругуң, Сагынды сени жүрөгүм* (Бөкөнбаев). *Көккештеп сайган жоолугуң, Көп санаа кылат жоругуң* (Токтогул). *Орусбектин мүнөзү, жоругу атасына окшоп кетет* (Сыдыкбеков). ‖ Жүрүш-туруш нормларына өөн учураган терс көрүнүштөгү же өзгөчөлөнгөн кылык, мамиле. *Тентек Орусбектин жоруктарын кагаз бетинен окуганга намыстуу ата ызаланды* (Сыдыкбеков). *Элебес келинчегинин экилүү жоруктарына солк этпей чыдады* (Сыдыкбеков).

**ЖОРУК-ЖОСУН** Өнөкөткө айланган салт, үрп-адат, жүрүш-туруш нормалары. *Бурулча жорук-жосун боюнча келин өтө турган жолго ун септи* (Баялинов). *Эмне деген салттан чыккан жорук-жосунду бузган иш* (Сыдыкбеков).

**ЖОРУКТУУ** Кылык-жоруктары, жүрүш-турушу өзгөчөлүктүү же кылыктанган, назданган мүнөзү бар. *Жорго минген кыз, бекен Жоруктуу Чүрөк уз бекен* («Семетей»). *Азамат экен Самсаалы Жоруктууну тапканы* (Токтогул). ‖ Терс кылыктары, ар кандай жоруктары бар. *Адамдан башка тескери, Жоруктуубуз кыз эле* (Токтогул).

**ЖОРУП I** Жерди, кырманды шыпыруу үчүн колдонулган шыпыргы. *Жорупту колуна алып кырман шыпырды.*

**ЖОРУП II** Басылган эгинди сапырганда кызылга кошо аралашып анын этегинде жаткан чөп-чар, саман-топондун калдыгы. *Кырман сапыргандар жорубун күрөп жатат.*

**ЖОРУПТА** 1. Басылган эгинди шамалга сапырып, этегиндеги чөп-чарын атайын шыпыргы (жоруп) менен шыпыруу, артуу, тазалоо. *Тоодой үйүлгөн кызылды Турганбек шамалга күрөк менен сузуп ыргытса, Өмүрбек этегиндеги чарын жоруптап жатты* («Ала-Тоо»). *Кызыл жоруптап, кырманда иштеп жүрдүм* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсени үстүнөн сыйпалай тегиздөө, үстүртөн кайпый сылап өтүү. *Баскан изин жоруптап, Күбүрөп кайта жайлады* («Семетей»). *Анын бозоргон күлүн жел жоруптап жатты* (Токомбаев).

**ЖОРУПТАШ жорупта** этишинин кош мамилеси.

**ЖОРУТ жору II** этишинин аркылуу мамилеси. *Арбынырак мал союп, Жорутсак белем бул түштү* («Манас»).

**ЖОРУУ жору II** этишинин кыймыл атоочу. *Түрдүүчө жоруу менен булбул үнүнө-кулак түрүштү* (Жантөшев).

**ЖОСОМОЛДО** Туурап эптеп окшоштуруу, божомолдоп жымсалдоо, жакындаштыруу. *Байыркы египеттик акылмандардын өзүнө окшобосо да, жоругун жосомолдогон акылман замандаштарыбыз жок эмес* («Чалкан»).

**ЖОСУН** 1. Элдин түшүнүгүнө, адамкерчиликке туура келүүчү жүрүш-туруш эрежелери, мамиле, кыял-жорук. *Жолдош болсоң сен баатыр, Жосунуңду билербиз* («Манас» С.К.). *Бегаалы жосуну жок иш кылды* (Эсенканов). *Кадырман зордун иштей жүргөн жосуну* (Сыдыкбеков). 2. **Жорук** менен бирдей. – Ээ ботом, бул эмне деген шумдук жосунуң? («Ала-Тоо»). 3. Нук, бир нерсенин билинип турган элеси. *Арыктын жосуну.*

**ЖОСУНДУУ** Салтты, жорук-жосунду кармай билген, салтка ылайык. *Жосундуу аял.*

**ЖОСУНСУЗ** Салтка, жорук-жосунга ылайык келбеген. Жосунсуз жоругуңа жок экен го ченем! (Чопиев). *Жосунсуз иш. Жосунсуз сөз.*

**ЖОТО I** Жети атанын бири – төртүнчү ата. *Ата-жотосун билген киши.*

**ЖОТО II** Тоонун жотосу, жону. *Топоз көбүнчө тоонун жотосунда, кыр-кырда оттойт* («Кыргызстандын айыл чарбасы»).

**ЖОТО: жото жилик** Майда жандыктын, бодо малдын санындагы чүкөлүү, томпойлуу жилиги, кашка жиликтен кийинки чүкөлүү узун жилик. *Маржан жото жиликти Алексейге карматып, өзү кашка жиликти алды* (Жантөшев).

**ЖОТОЛУУ** Сөөк-саактуу, мүчөлүү *Акман Эркектердин ортосунда локуюп жотолуу* (Сыдыкбеков).

**ЖОШО** Кызгылт күрөң, же кочкул кызыл түстүү топурак, чопо, минерал. *Жошо менен уукту сүртүү.*

**ЖОШОДОЙ** Жошонун түсүндөй кызгылт, кызгылт күрөң. *Жошодой кызыл маасы. Тагдырдын таш боор торуна кээде камалып, Көзүңөн жашың, бооруңан жошо кан агып* (Мамеев).

**ЖОШОЛО** Жошо менен боёо, жошодой кызгылт түс берүү. *Боз үйдүн кереге-уугун жошолоду.*

**ЖОШОЛОН** 1. **жошоло** этишинин өздүк мамилеси. 2. Жошонун түсүндөй, ылайлуу, баткактуу кызгылт түскө боёлуу. *Нарын дарыясы киргенде жошолонуп агат.* 3. *өт.* Канга бөлөнүү, канга батуу, кан жутуу, кан менен боёлуу. *Келечектин ээси – бөбөк чырылдап, жошолонду атасынын канына* (Токомбаев).

**ЖОШОЛОНУУ жошолон** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОШОЛОО жошоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОШОО** Шоро менен бирдей. Белгилүү бир себептерден улам ыйлаганда көздөн аккан ый жашынан айырмаланып, ысыксууктан же жайынча эле (көбүнчө улгайган адамдардагы) ага берчү жаш. *Ыйлап жалбарып, самандай өңү саргайып көзүнү жаштап, өзүнү уруп жерге таштап, кол аягы суналып, ок жыландай буралып, аккан жошоо тиктелип, камыштай бели бүктөлүп, Чанчаркан ыйлап жатып калды* («Эл адабияты»).

**ЖОШУ жошул** менен бирдей. *Бетинен кан жошуду.*

**ЖОШУЛ** 1. Кан, суюктук сызылып чыгуу, жошого чылангандай жайылуу, агуу. *Кан аралаш кандуу жаш, Омуроодо жошулуп* («Семетей»). *Сүрдүгүп Мурат бөлөнүп чаңга, Жошулуп дене жуулду канга* (Абдыраманов). *Кыпкызыл болуп жар бети, Чопосу агып жошулган* (Токомбаев). 3. Жайкалуу, көйкөлүү. *Көк шибер жошулуп кээ жерден чаң көтөрүлөт* (Сыдыкбеков).

**ЖОШУЛТ жошул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖОШУЛУУ жошул** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖОЮЛ жой** этишинин туюк мамилеси. *Эмгекчини эзген заман жоюлду* (Барпы). *Кимде тогуз кыз болсо, Ошону алып бербесем, Элеман атым жоюлсун* («Эр Төштүк»).

**ЖОЮУ жой** этишинин кыймыл атоочу. *Кемчиликтерин жоюу. Сабатсыздыкты жоюу.*

**ЖОЮШ жой** этишинин кош мамилеси. *Жардамдаш, эч болбосо, жатпа карап, Жоюшкун караңгынын эски салтын* (Токомбаев).

**ЖӨЖӨ** Тооктун же башка канаттуулардын балапаны. *Тооктун жөжөсү. Жөжөлөрүн ээрчиткен кекилик.*

**ЖӨЖӨГАТ** Чыбый жегич айры куйрук. *Куйругунда агы бар, Айры куйрук жөжөгат* (Барпы).

**ЖӨЖӨЛҮҮ** Жөжөсү бар, балапандары бар. *Жөжөлүү тоок.*

**ЖӨЖҮРӨ** 1. Кичинекей. 2. Колу-буту кичине болгондуктан майда кадамдап басуу, кыймылдоо (жаш балага, жаныбарлардын балдарына карата). *Сыяда жөжүрөгөн балдарын эптеп багууда* (Сыдыкбеков).

**ЖӨКӨ** Жыгач кабыгынын ички кабаты же анын буласы. *Токтогул бутуна тартынган жөкөдөн токуган чарыгы менен тууган жерин көксөп келе жатат* (Бөкөнбаев). *«Баласыңбы» деген ошо да, ал экөө токой аралап, жөкө кабыктан себет токумак, себет толтура карагат бүлдүркөн термек* (Айтматов).

**ЖӨКӨӨС** Узун, кууш, белге бычак менен кошо байлап алган, булгаарыдан жасалган, акча салган баштыкча.

**ЖӨКӨР** 1.Кызмат адамынын, баатырдын жакын жардамчысы, кызматкери – чоросу. *Кыраан Манас жөкөрү – кыргыздан чыккан кырк бөрү* (фольк.). *Алтымыш балбан кырк жигит, Ал Көкдөөнүн жөкөрү* («Эр Төштүк»). *Эр Конокбай чоң балбан, Эр Төштүктүн жөкөрү, Керме аркан тосо калды эле* («Эр Төштүк»). 2. Жолдошу, ынак адамы, досу. 3. Кан аялынын, кан кызынын бирге жүргөн, кызматын кылган жакын кыздары, жаш келиндер. *Кыздардан бөлүп сүйлөшкүн, Жанында жеңе жөкөрдүн* (Жантөшев). 4. *өт.* Бул же тигил адамдын кошоматчысы, сөзүн сүйлөп, таламын талашып турган жактоочусу катары да колдонула берет. *Көк жал эрдин жөкөрү* («Манас» С.К.). *Бадышанын жөкөрү* («Манас» С.О.).

**ЖӨЛӨ** 1. Өйдө карай сүйөмөлөй көтөрүү, сүйөө, таёо. *Атасынын башын жөлөп бир сулуу кыз отурат* («Жомоктор»). *Жөлөп атка мингизди* (Бөкөнбаев). *Калыгулду жөлөп-таяп ордунан тургузду* (Абдукаримов). 2. Бир нерсеге тийгизе, сүйөй коюу, жыгылып кетпегендей таяп коюу. *Андрей мылтыгын керегеге жөлөдү* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Жардам берүү, көтөрмөлөө, колдоо. *Жыгылганды жөлөгөн, Үзүлгөндү улаган* (Тоголок Молдо). *Баатыр ага – улуу орус жөлөгү, Алсыз кезде алпештеди, жөлөдү* (Токомбаев).

**ЖӨЛӨК** 1. Бир нерсени жөлөп туруу үчүн колдонулуучу тирөөч устун, түркүк. *Жөлөк коюп сынган устунду тиреди* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Күч-кубат, дем берүүчү, жардам берип көтөрмөлөөчү, таяныч. *Кастын ою – бөлөк, достун ою – жөлөк* (макал). *Кыз да болсо жөлөгүм, Кысылган күндө өбөгүм* («Эр Табылды»). *Айтышып акым алуучу, Алдымда ага жөлөк жок* («Мендирман»).

**ЖӨЛӨК** Кене сымал жандыктын бир түрү.

**ЖӨЛӨК ПУЛ** Көп балалууларга, карыкартаң, майып ж.б. мамлекеттин колдоосуна муктаж адамдарга айына же мезгил-мезгили менен мамлекет тарабынан берилүүчү акча, жардам.

**ЖӨЛӨКТӨ** Жөлөмөлөө, жөлөп-таёо, жөлөк, таяныч катарында колдонуу. *Алтын ээр марал баш, Акырекке жөлөктөп* («Манас»).

**ЖӨЛӨКЧҮЛ** *грамм. эск.* Жандооч.

**ЖӨЛӨЛҮҮ** Жөлөнүп коюлган, жөлөнгөн абалда. *Жутаке чыгданга жөлөлүү турган табакты көрсөттү* (Жантөшев).

**ЖӨЛӨМӨЛӨ** 1. Жөлөп, таяп, көтөрүп өйдө тургузуу. *Арык тайды жөлөмөлөп атып араң тургуздук* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Жардам берүү, көтөрмөлөө, колдоо. *Жөлөмөлөп атып ишке орноштурдум* («Чалкан»).

**ЖӨЛӨМӨЛӨӨ жөлөмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨЛӨН жөлө** этишинин өздүк мамилеси. *Деп, Мендирман акырын, Керегеге жөлөндү* («Мендирман»).

**ЖӨЛӨНҮЧ жөлөк** менен бирдей. *Жөлөнүчү бар.*

**ЖӨЛӨНЧҮ жөлөк** менен бирдей. *Жөлөнчү кылуу.*

**ЖӨЛӨҢКӨ** Таяныч катарында тирелип коюлган же орнотулган жөлөк, тирелип коюлган таяныч. *Ураганы турган дубалга жөлөңкө коюлган.* ‖ Негизги кыркага келип тирелген дөңсөөчө, узатасынан кеткен кырлуу дөбөчө. *Ашуунун аркы бетиндеги жөлөңкөдөн жолукту* («Ала-Тоо»).

**ЖӨЛӨӨ жөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨЛӨТ жөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨМӨЛӨ** *сейр.* Чала-була, эптеп-септеп бирдемелерди айтуу, эптеп-септеп иштөө, жасоо. *Тили жаңы чыккан уулум жөмөлөп бир нерсени айтымыш, болду* (Мидин). *Жөмөлөп бир нерсени жасады* («Ала-Тоо»).

**ЖӨМӨЛӨӨ жөмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨН I** 1. Бир нерсенин ага туура келүүчү жолу, ылайыктуу тартиби, эби, ыгы, орду. *Ар ишти салат жөнүнө, Акылы бар даанышман* (Осмонкул). *Сен айылдагы балдарды жөнгө салууга жөндөмдүү экенсиң*

(Абдукаримов). *Кантсе да жөнүн табар деп Каныкейге барганы* («Манас»). *Сүздүрүп өткөн Кулчоро, Кечүүнүн жөнүн билбестен* («Семетей»). 2. Белгилүү учурга туура келген шарт, орундуу себеп. *Кабылан Манас шериң жок, Сенин ат чаба турган жөнүң жок* («Семетей»). *Күйөөлүк жөнүн билгизип, Жеңе, балдыз жетелеп, Ак өргөөгө киргизип* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Ал-абалы, ал-жайы, кабары. *Алтымыш уулун чогултуп, Аш жөнүнөн сурады* («Эр Табылды»). *Айылдын жөнүн сурадык* (Осмонкул). 3. Ататеги, ким экендиги. *Түбү кыргыз эл экен, Ата-жөнүн, уруусун, Калың кыпчак дээр экен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алым Айдардын аты-жөнүн, өңү-түсүн айтып чыкты* (Жантөшев).

**ЖӨН II** 1. Туура, орундуу, ылайыктуу, жөндүү. *Акылдаша келгенде Каныбектин сөзүн жөн көрүштү* (Жантөшев) 2. Жөнөкөй, карапайым, кадимки. *Жөн кишиси бу болсо, Дөө кишиси не болот (*«Манас»). 3. Начар, жакшы эмес, алынча. *Алтыбай деген бир уулуң, Ала көөдөн жөн экен* («Эр Табылды»). *Турмушу жөн, анчалык жыргап кеткидей эчтемеси жок* (Байтемиров).

**ЖӨН III** 1. Көп-сөз сүйлөбөй, кыймыл аракетте болбостон, тынч, тим. *Келин-кыз муну укканда жөн турабы, Урматтап эки ашыкты сөзгө салды* (Осмонов). *Сергип Толтой жөн жатты* («Семетей»). 2. Жайынча, жөнүнчө, тим эле. *Бирөөнү көздөп келдиңби же жөн келдиңби* (Сыдыкбеков).

**ЖӨН БИЛГИ** Түшүнүгү бар, өйдө-төмөндү ажырата билген, ар нерсени өз учурунда туура түшүнгөн. *Эстүү болсун жөн билги, Элжуртуна жарарга* (Осмонкул). *Айрым жөн билги аксакалдар аксымдыкка жеңдирген чапчаң кызуу кандууларга жай, жүйөөлүү сөздөрдү масилеттөөдө* (Бейшеналиев). – *Э, ал ошондой жөн билги азамат көрүнөт* (Сыдыкбеков).

**ЖӨН-ЖАЙ** Ар кандай шарт, ал-абал. *Биз Сейде эне экөөбүз жөн-жай сурашып көпкө отурдук* (Касымбеков). *Директор Турардын жөн-жайын териштирип сурады* (Каимов).

**ЖӨН-ЖӨНҮ** Бир нерсенин ал-абалы, шарты, кабары, дайыны, жөн-жайы. *Башынан билем жөн-жөнүн, Бала кезден көргөмүн* (Токтогул).

**ЖӨН ЭЛЕ** 1. Куру бекер, курулай, жайынча, эч себепсиз. *Ай, Батыш, сен мага жөн эле таарынып жатасың* (Байтемиров). 2. Күчөтүү маанисинде колдонулат. *Жөн эле бардыгынан ашып түшөт.*

**ЖӨНДӨ** 1. Эбин, ыгын табуу, туура багыт берүү, жолго салуу, жөнгө келтирүү, ондоо. *Акылы бар азамат, Жаман ишти жөндөгөн* (Токтогул). 2. *грамм,* Сөзгө жөндөмө мүчөлөрүн улап өзгөртүү.

**ЖӨНДӨЛ жөндө** этишинин туюк мамилеси.

**ЖӨНДӨЛҮШ** Сөздөрдүн жөндөмө мүчөлөр уланып өзгөрүш формасы.

**ЖӨНДӨМ** Ар нерсенин ыгын, жолун, көзүн тапкан ишмерлик, жарамдуулук, айлакерлик, эпчилдик, аткаруу шыгы. *Азыр да жөндөмүнө беремин баа, Баш ийем азаматтын артыгына* (Абдыраманов).

**ЖӨНДӨМДҮҮ** Кандайдыр бир ишти аткарууга жарамдуу, иш жүзүнө ашырууга жөндөмү бар, шыктуу. *Ырысбай бала кезинен эле бардык өнөргө жөндөмдүү болгон* (Байтемиров). *Ырга жөндөмдүүлөрүн ырдатып жаткан экен* (Жантөшев)

**ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК** Ар нерсеге ылайыктуу шыктуулук, эптүүлүк, жөндөмдүү болгондук, кандайдыр бир ишти аткарууга жарамдуулук. *Окуучулардын өз алдынча иштеши жөндөмдүүлүгүн арттырат* («Ала-Тоо»).

**ЖӨНДӨМӨ** *грамм.* Белгилүү суроолорго жооп берип, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланышын, мамилелерин көрсөтүүчү грамматикалык категория, сөздөрдүн жөндөлүү формалары. *Кыргыз тилинде: атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш аттуу алты жөндөмө бар.*

**ЖӨНДӨМСҮЗ** Ар нерсенин көзүн таап иштей албаган, эби, шыгы жок, жөндөмдүү эмес. *Аскар чоң ата, чоң эненин терең сүйүүсүндө эрке өсүп, өтө жалкоо, бош, ар ишке жөндөмсүз болуп чоңойгон* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖӨНДӨМСҮЗДҮК** Жөндөмү жоктук. *Жөндөмсүздүгүнөн иштен бошоо. Жөндөмсүздүгүн сезүү.*

**ЖӨНДӨӨ жөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨНДӨТ жөндө** этишинин аркылуу мамилеси. *Бүгүнкү сабакта эжей зат атоочторду жөндөттү.*

**ЖӨНДҮҮ** Ылайыктуу, орундуу, жүйөлүү, негиздүү, жөнү бар. *Сенин айтканың жөндүү сөз, Тообай* (Абдумомунов). *Бийде биздин айтарыбыз анык ынан жөндүү* (Сыдыкбеков).

**ЖӨНӨ** 1. Бир жакты көздөй бет алып чыгуу, сапар тартуу, жолго чыгуу, жүрүп кетүү. *Коштогон атын жетелеп, Курман жөнөп кетти* (Үсөнбаев). *Камалбек таштан ташка буттарын шилтеп төмөн карай жөнөдү* (Жантөшев). 2. Кыймылга келип жылып кетүү, белгилүү бир багыт боюнча ордунан козголо жүрүп кетүү (көбүнчө транспорт каражаттарына карата). *Түтүнүн бурк эттире машина жөнөдү* (Сыдыкбеков). *Трамвай зуулдаган бойдон жөнөдү* (Сасыкбаев). 2. Иши илгери кетүү, иши оңолуу, жакшы жагына баштоо. *Анын иши жөнөп турган мезгил* («Ала-Тоо»). 3. Негизги этиштер менен кошо жардамчы этиш катарында колдонулат. *Кууп жөнөдү. Учуп жөнөдү.*

**ЖӨНӨКӨЙ** 1. Түзүлүшү, жасалышы, тигилиши ж.б. татаал эмес. *Ала чыттан жөнөкөй тигилген көйнөк* (Сыдыкбеков). 2. Иштөөгө, түшүнүүгө ж.б. жеңил, оңой, оордук

келтирбейт, кыйын эмес. *Китепче эң эле жөнөкөй, түшүнүктүү тилде жазылган* («Советтик Кыргызстан»). 3. Кандайдыр бир өзгөчөлөнгөн, айырмаланган белгилери жок, кадыресе, кадимкидей. *Жөнөкөй өрүктөн жасалган комузду колуна алды* («Ала-Тоо»). 4. Бой көтөрбөгөн, муңайым, токтоо, салмактуу, оор басырык. *Абдан жөнөкөй, Анда каруу, менде таттуу көмөкөй* (Осмонов). 5. Катардагы карапайым, өзү сыяктуулардан айырмасы жок, башкалар менен бир катар. *Мен жөнөкөй эле шахтёрмун* (Сасыкбаев). *Каныбек мындай тандамалуу ат эмес, жөнөкөй чоң ат да минип көрбөгөн* (Жантөшев).

**ЖӨНӨКӨЙЛӨ** Жөнөкөй абалга келүү, жеңилдөө, оңойлоо, жөнөкөй түргө келүү.

**ЖӨНӨКӨЙЛӨТ** **жөнөкөйлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨНӨКӨЙЛҮК** 1. Түзүлүшү, жасалышы ж.б. жагынан татаал эместик. *Имарат курулушунун жөнөкөйлүгү менен айырмаланат.* 2. Иштөө, түшүнүү ж.б. жагынан кыйын эместик, жеңилдик. *Тилинин жөнөкөйлүгү.* 3. Бой көтөрбөөчүлүк, карапайымдык, оор басырык жүрүүчүлүк. *Айганыш жөнөкөйлүгү, билгичтиги менен мамиле кылгандыгы, адамгерчилиги менен бат эле баркка ээ болгон* (Байтемиров).

**ЖӨНӨЛ** **жөнө** этишинин өздүк мамилеси. *Көк чыбык кыркып ат кылып, Көпөлөк издеп жөнөлсөм* (Токомбаев).

**ЖӨНӨӨ** **жөнө** этишинин кыймыл атоочу. *Адыл жөнөөгө кам уруп ордунан турду* (Жантөшев).

**ЖӨНӨТ** 1. **жөнө** этишинин аркылуу мамилеси. *Он жолдошун кошуп берип, Ош шаарына жөнөттү* (Бөкөнбаев). 2. Ташуу, жеткирүү максатында ар кандай жүктү, транспортту ж.б. жиберүү. *Тонна, тонна эгинди кампага жөнөттүк* (Нуркамал). *Жөнөтөлү жаңкы буудай жүктөрдү* (Турусбеков). 3. Күйөөгө берүү, сапарга, жолго узатуу. *Боздотуп чалга жөнөткөн, Атама жетсин убалым* (Тоголок Молдо). 4. Сөзүн айтуу, сүйлөмөкчү болгон же сүйлөп жаткан сөзүн улантуу. *Эмесе сөзүмдү жөнөтөйүн угуп тургула* (Жантөшев). *Балта сөзүн жөнөтсүнбү, жокпу* (Байтемиров). 5. Убакыт, мезгилди өткөрүү. *Кысынып менден уялба, Кызыктуу жашты жөнөткөм* (Токтогул). *Жылдар өттү, балалыкты жөнөттүк* (Бөкөнбаев). 6. Түбөлүккө (өлгөндө, каза болгондо) узатуу, коштошуу. *Энесин тиги дүйнөгө жөнөтүп жетим калды* (Мидин). 7. Бир нерсени бирөөгө сунуу, жылдыруу, алып берүү. *Катарында отурган балага аякты жөнөтүп койчу деди* (Токомбаев).

**ЖӨНӨТҮЛ** **жөнөт** этишинин туюк мамилеси. *Жүктөр жөнөтүлдү.*

**ЖӨНӨТҮҮ** **жөнөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨНСҮЗ** Туура эмес, ылайыксыз, ыксыз, орунсуз, жөнү жок. *Анын барышын атасы жөнсүз көрдү* («Ала-Тоо»).

**ЖӨНТӨК** Бейбаш эмес, жоош, момун, тентектиги жок. *Эркегиң жөнтөк, кызың ойсоңдогон тентек болучу* (Сыдыкбеков). *Жашымда болсом керек өтө тентек, Ыйлашты, ойноп өскөн далай жөнтөк* (Токомбаев).

**ЖӨНҮГҮҮ** **жөнүк II** этишинин кыймыл атоочу. *Оорусу жөнүгүүдөн калды.*

**ЖӨНҮК I** Акылсыз, келесоо, маңыроо чалыш. *Алды каткан жөнүктүн, Азабы Таштай катты эми* (Тоголок Молдо). *Сөз билбеген жөнүк бар* (Тоголок Молдо).

**ЖӨНҮК II** 1. Оорудан айыга баштоо, тынуу, жакшы болуу. *Ошентип жөнүкпөй, Чыгыш баатыр өлүптүр* («Мендирман»). *Карып оорусунан жөнүкпөй туугандарына көчүп кеткен* (Жантөшев). 2. Алга, илгери кетүү, оңолуу, жакшылыгына баштоо. *Иши жөнүкпөдү.*

**ЖӨНҮНДӨ** Бирөө же бир нерсе тууралуу сөз болгондо, кандайдыр бир нерсеге, ишке, аракетке ж.б. карата айтылганда колдонулат. *Каныбек жөнүндө эмне деп сүйлөшүп жатканын уга албай калдым* (Жантөшев). *Экөөбүз тең окууга баруу жөнүндө убадалаштык* (Каимов).

**ЖӨӨ** Бир жакка жөнөөдө ат минбөө же унаага, транспортко түшпөгөн абал. *Алты ай бүтүн жөө басып, Акталып келдим Сибирден* (Токтогул). *Алар беш чакырым жөө басышты* (Абдукаримов).

**ЖӨӨ-ЖАЛАҢ** Бирде жөө басып, бирде унаа, көлүк минип же бир нече кишилердин кай бирөөлөрү жөө басып, кай бирөөлөрү унаа, көлүк минген абал. *Ал кезде Фрунзеден жиберди деп, Ээрчишип жөө-жалаң келген элек* (Шүкүрбеков).

**ЖӨӨ-ЖАЛАҢДА** Жөө-жалаң абалда жүрүү. *Жаз келер менен жөө-жалаңдап кайра көчүп жөнөдүк* (Элебаев). *Биз араң жөө-жалаңдап баса бердик* (Маликов).

**ЖӨӨ ЖОМОК** Кара сөз менен айтылган жомок.

**ЖӨӨ ЖЫЛАН** *диал.* Сөөлжан.

**ЖӨӨ КҮЛҮК** Жөө жарыштарга катышкан, кыйын чуркаган адам. *Ат эмес, жөө күлүктөр жарышат* (Маликов).

**ЖӨӨ КУНАН ЧАБУУ** Балдар оюндарынын бир түрү. Балдар бирин бири жонуна көтөрүп алып (көбүнчө чоңураагы кичинесин жонуна мингизип) жарышуусу. *Жөө кунан чаап бакырат* («Манас» С.К.).

**ЖӨӨ ТУМАН** 1. Жердин бетин каптап түшкөн коюу туман. *Жер көрүнбөй, жөө туман басып турду* (Каралаев). *Ошондо бир күн кеч курун үйүнө кайтып келатып жөө туман каптаган Кара Бактын ичинде ыйлап отурган жаш баланы жолуктурган* (Жусубалиев). 2. *өт.* Акырын жылып жүрүп, иштин баарын бүлдүргөн, адамдардын башын айланткан бузуку көрүнүш, сөз, түшүнүк, адам. Кээде былкылдаган жай, жү-

дөө кыймылы менен тажаткандарды да элестүү ушинтип коюшат. *Ал бир жаткан жөө туман. Бул чагым бүтүндөй аймакты баскан жөө туман болуп көптүн башын айлантты* (Ашымбаев).

**ЖӨӨ ТУМАНДАЙ** 1. Акырын, билинбей, жай, жылып жүрүп жайылгандай, тарагандай, каптагандай абал. 2. Өзүнүн жай, жүдөө жүргөн-турганы менен тегерегиндегилердин жинин келтирчү адамдын кыймылы, иш аракети. – *Жөө тумандай болуп эмнени эле бүтүрө албай бүжүрөп жүрөсүң* (Өмүрбаев).

**ЖӨӨ ЧЕЧЕН** Бирөөгө сөз бербеген, өзүн сөзмөр катары эсептеген, кургак чечен. *Качыке ичип алганда жөө чечен болуп жобурап, баарын кыйратып иштеп, баары колунан келчүдөй болуп кетчү* (Абдукаимов). *Жок дегенде согуш майданында жүрүп бир ыр жазбапсың, сен жөн эле жөө чеченсиң го?* («Ала-Тоо»). *Сөз бербеген жөө чечен, Учуп жүргөн камгактай* (Каралаев).

**ЖӨӨ ЫЙ** Кайтыш болгонду жоктоп, кошок кошулчу боз үйдө кошок билбей жөн ыйлаган ый. Азалуу боз үйдө салт боюнча мындай ыйга тыюу салып, кошок билбегендерге «жөө ыйлаба» деп эскертүү кылышат. *«Мергенчи акенин кызы эки сөздүн башын кошо албаган монок экен, жөө ыйлап олтурат» деп аялдар сөз кылышты* («Ала-Тоо»).

**ЖӨӨК** Айдалган жерди сугаруу жана кээ бир өсүмдүктөрдүн үрөнүн өндүрүү үчүн сап-сап кылып кыр тартып жасалган кичине арыкча. *Суу жөөктөрдүн түбү менен жылжып агат* (Байтемиров). *Чийип тарткан жөөккө, Чигитти тандап аламын, Жерди терең айдатуу, Биринчи менин талабым* (Шамшиев). ‖ Ушундай катар-катар саптардын арасы, аралыгындагы тилке. *Пахтаны жөөгү менен тергиле, Тазасын тандап бергиле* (Барпы). *Үч жөөк капуста айдадым* («Ала-Тоо»).

**ЖӨӨКӨР** *туурасы:* **жөкөр.**

**ЖӨӨКТӨ** Жөөк салуу. *Сап-сап кылып жөөктөп, Сапаттап уруk септирген* (Осмонкул).

**ЖӨӨЛӨ I** 1. Бирөөгө же бир нерсеге капталы же омуроосу менен тийип, омуроолоп түртүү, сөйкөнүү, көпчүлүктү аралап кысылышып өтүү. *Тоңголокто сыйгаланып бараткан Батыш Шынарканды жөөлөп кетти* (Байтемиров). *Сасыкбай Андрейди жөөлөп эшиктен кирди* (Байтемиров). *Алымкул менен Нурмат жөөлөп отуруп карыялардын жанына барышты* (Абдукаримов). 2. *өт.* Кемсинтүү, тийишүү, тыңсынуу, басынткан же жулунган мамиле кылуу. *Жөө-жалаңды урупсуң, жөөлөп, тепсеп турупсуң* («Манас»). *Өйдөсүнүп, бир аны жөөлөсө да, Басынбас, бир ага кек сактабас* (Маликов).

**ЖӨӨЛӨ II** Минген унаасынан, атынан ажыроо, жөө басуу, жөө калуу. *Жөөлөп калган Төштүккө, Арстан Чубак жетти эми* («Манас»).

**ЖӨӨЛӨӨ жөөлө I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨӨЛӨП-ЖАЛАҢДАП жөө-жалаңда** менен бирдей. *Бир катары жөөлөп-жалаңдап келе жатышат* (Жантөшев). *Ошол жол менен жөөлөп-жалаңдап, араңдан зорго өтүүчүбүз* (Баялинов).

**ЖӨӨЛӨТ I жөөлө I** этишинин аркылуу мамилеси. *Бекташ Асантайды омуроолото, жөөлөтө камчы басып бакылдайт* (Сыдыкбеков).

**ЖӨӨЛӨТ II жөөлө II** этишинин аркылуу мамилеси. *Акың бардай жөөлөтүп, Тууган сендей болобу?* («Эр Табылды»).

**ЖӨӨЛӨШ** 1. **жөөлө I** этишинин кош мамилеси. *Бир күнү эки салмактуураак киши үстүнөн баратып жөөлөшө кеткенби, көпүрө күү этип суугa түшүп кетти* («Чалкан»). 2. *өт.* Бири-бири менен кармашуу, бирин-бири жектөө, күч сынашуу, кыжыңдашуу, тийишүү. *Бирөөлөр менен жөөлөшмөйүнчө тынч тура албаган кишилер да болот.*

**ЖӨӨЛӨШҮҮ жөөлөш** этишинин кыймыл атоочу. *Ар жактан Түркмөн, Курман, Көкүмбайлар, Бул ашта жөөлөшүүгө кумарданат* (Маликов).

**ЖӨӨЛҮ** 1. Катуу ооруганда, ар кандай себептер менен айкын сезимин жоготкондо, эстен танганда байланышсыз сүйлөө же акыл-эстүү адамдын акылына туура келбегендей сөз сүйлөө. *Бир энтигип, бир жөөлүп, бир үзүлүп, Калган жок оору аялдын алы дагы* (Токомбаев). *Ачкалыктан жөөлүп жатпасын, ойготчу, бирдеме ичирели* (Жантөшев). 2. *өт.* Орунсуз, дайыны жок сөз сүйлөө, тантыроо, дөөрүү, тантуу. *Иса молдо! Эмне деп жөөлүйсүң?* (Сасыкбаев). *О, кой, балалыгың менен жөөлүбө* (Жантөшев).

**ЖӨӨЛҮТ жөөлү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨӨЛҮҮ жөөлү** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨӨТ** 1. Еврей уруусунун аты. *Жөөттүн тамы кулап кырылды эли, Шондо да бошонбоду кыздын бели* («Эл адабияты»). 2. Билип туруп билмексен болгон митаам, куу, анткор. *Майрамбек жөөт неме* («Ала-Тоо»).

**ЖӨӨТТӨН** Билип туруп билмексен болуу, анткорлук кылуу, кууланууу.

**ЖӨРГӨ** 1. Ичке тилинген (карын, өпкөнү) ич эттин ичегиси менен аралаштыра чалып бириктирүү, ороп чалуу. 2. Жөрмөө.

**ЖӨРГӨЛӨ** 1. Майда арыш менен жылуу, кыбырап жылуу (көбүнчө курт-кумурскаларга карата). *Коңуз жөргөлөп баратат* (Баялинов). ‖ Эмгектеп, төрт аяктап, же жашырына бөкчөңдөп жылуу, бүжүрөй басуу, майдалай кибиреп басуу. *Акбар жөргөлөп жүргөн баланы алып эркелетти* (Үсөнбаев). *Үчөөбүз чалкандын арасы менен*

*жөргөлөп, жогору карай жүрдүк* (Элебаев). | Тегерек механизмдер, майда нерселер тегерене, чимириле кыймылга келүү, жылышта болуу. *Ийри-буйру дөңгөлөк, Ал кантип жүргөн жөргөлөп* (Шүкүрбеков). 2. *өт.* Корунуп бөйпөктөгөн, тартынган көрүнүштө болуу. *Тартип бузбай сүйлөбөстөн эңкейип, Жактоочуга бармак болду жөргөлөп* (Токомбаев).

**ЖӨРГӨЛӨК** *диал.* Жөргөлөп жүргөн жан, адам. *Ой, тетиги, жөргөлөк кайда баратат.*

**ЖӨРГӨЛӨӨ жөргөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨРГӨЛӨТ жөргөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨРГӨМ** Союлган кой, эчкинин ич этинен (карын, өпкөсүнөн) ичке тилип, ичегиси менен жөргөп жасалган тамак. *Жөргөм жасады. Май жөргөмдөн кесип жеди.*

**ЖӨРГӨМДӨ** 1. Жөргөм жасоо. 2. Бирибирине илиништирип, майдалай бөртүп кесүү. *Каныбек эки чоң кесим этти жөргөмдөп кесип берди* (Жантөшев).

**ЖӨРГӨМҮШ I** Тарткан желесине чымын-чиркейлерди чалынтып, ошону менен азыктануучу муунак-муунак буттуу майда жандык. *Жер кепедеги чаң басып, жөргөмүш желелеп, өңү өчкөн буюмдар эсимде* («Ала-Тоо»).

**ЖӨРГӨМҮШ II** Конок сыяктуу баш алып чыгып, даны желе турган жапайы тоо өсүмдүгү. *Эмилбек бышкан жөргөмүштөрдүн данын колу менен сыдырып алып, уучу толгондо оозуна куят* (Осмоналиев).

**ЖӨРГӨМҮШТҮН ЖӨТӨЛГӨНҮН БИЛҮҮ** Абдан кыраакылык, өтө кыйындык же амалкөйлүк, митаамдык чеберчилиги менен астыртан баарын билүү, туюу. *Алар керек болсо, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн сураптай билишет* (Эралиев).

**ЖӨРГӨМҮШТҮН ТОРУНА ЧАЛЫНУУ** Өтө кыйын, кутулуп чыга албас кырсыкка дуушар болуу, кирептер болуу. *Жөргөмүштүн торуна чалынган Анархан айласыз көндү* (Жантөшев). **В.: Жөргөмүштүн торуна түшүү.** *Жөргөмүштүн торуна түшкөндөй тыбырчылайт.* **Жөргөмүштүн желесине илинүү.** *Жөргөмүштүн желесине илинген экен.* **Жөргөмүштүн желесине түшүү.** *Ал байкуш жөргөмүштүн желесине түшкөн тура.*

**ЖӨРМӨ** Эки бөлөк нерсени эки четинен беттеп, жибин тигиштин үстү жагынан алып тепчий саюу, тигүү. *Айрылган каптын оозун жөрмөп тикти.*

**ЖӨРМӨЛӨ** Кыбырап жай, акырын жөргөлөп кыймылдоо, жөргөлөө. *Коңуз жөрмөлөп баратат. Кампада чычкан жөрмөлөп жүрөт. Таш бака жөрмөлөп кетип баратат. Тик боор менен жөрмөлөп отуруп, тоонун башына араң чыктык.*

**ЖӨРМӨЛӨӨ жөрмөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨРМӨЛӨТ жөрмөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨРМӨМӨ САЙМА** Мында бир нече майда таякчаны оңго карай жантык сайып чыгуу керек.

**ЖӨРМӨӨ жөрмө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨРМӨТ жөрмө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖӨРӨЛГӨ** 1. Илгертен бери келаткан, элге кеңири белгилүү көнүмүш болуп калган каада, адат, салт, шаан-шөөкөт, ырым-жырым. *Журттун салтын, элдин жакшы жөрөлгөсүн байлардан көп билбейбиз* (Сыдыкбеков). *Абдыракман келгенде, кадимки барктуу күйөөгө иштелүүчү жөрөлгөнүн бири да иштелген жок* (Сыдыкбеков). 2. Эң биринчи демилге, иштин башталышы, иш башы, элге башкаларга үлгү болуучу, колдоого алынуучу саамалык. *Мындай жакшы жөрөлгөлөрдү азыр бардык ишканалардан жолуктурууга болот* («Чалкан»). *Ата-энесинин ырымын жөрөлгөлөп коюу.*

**ЖӨРӨМӨЛДӨ** Жоромолдоо, боолголоо, божомолдоо, чала-була чет-бучкагын билүү. *Орус тилин чала-моңол жөрөмөлдөгөн, Бурма колун жаңсап сүйлөшкөн* (Сыдыкбеков).

**ЖӨТКҮР** Дем алуу органдарынын сезгенишинен улам терең күрсүнө жөтөлүү. *Өпкөсүнө суук тийген баласы жөткүрүп үйүндө жатат.*

**ЖӨТКҮРТ жөткүр** этишинин аркылуу мамилеси. *Арык койдой жөткүртүп, Өпкөмдү алдың карылык* (Тоголок Молдо).

**ЖӨТКҮРҮК** Дем алуу органдарынын сезгенишинен улам жөткүрө чыккан дабыш, жөткүргөндүк. *Жөткүрүк атып араң жүрөм* («Ала-Тоо»).

**ЖӨТКҮРҮҮ жөткүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨТӨЛ I** Дем алуу органдарын эркин иштетпей, демин ооз аркылуу сыртка чыгарта күрсүлдөтүп, жөткүртө берген илдет. *Бечелге жөтөлдүн кереги жок* (макал). *Ирең-сиз, көз көрүнбөйт, шишик баскан, Калганы күртүлдөгөн жөтөл менен* (Токомбаев). *Жөтөл кетпейт кыйкылдап* (Шүкүрбеков). ‖ Ооз аркылуу (көбүнчө дем алуу органдары сезгенгенде ж.б.) демин сыртка чыгарып жөткүргөндө аба менен кошо чыккан үн, табыш. *Күрсө-күрсө жөтөлүп, Өгөө сурап турду эми* («Эр Табылды»). *Тамагы кырылдап жөтөлөт* (Токомбаев). *Жанына келип токтогон энесин Татыбек жөтөлүнөн тааныды* (Байтемиров).

**ЖӨТӨЛТ жөтөл** этишинин аркылуу мамилеси. *Тамекинин түтүнү карыяны катуу жөтөлттү.*

**ЖӨТӨЛҮҮ жөтөл II** этишинин кыймыл атоочу. *Тынымсыз жөтөлүү. Кезек-кезек жөтөлүү.*

**ЖУБА** 1. Жеңи көлбөөрүгөн сырт кийим.

2. Жатындагы баланын тону.

**ЖУБАЗ** *диал.* Кустардык жол менен жанчып май чыгаруу же күрүч ж.б. актоо техникасы. *Жубазда зыгырдан май алуу. Күрүчтү жубазга актоо. Ак жубаздар ар түрлүү, Жүргүзүлдү тегирмен* («Эл адабияты»).

**ЖУБАЗКЕШ** Жубаз менен май чыгаруучу адам.

**ЖУБАЙ** Баш кошкон аял-эркек, эрди-катындын бири. *Анттакашканым Гулайым, Акыреттик жубайым* («Эр Төштүк»). *Биринбири терең түшүнүп, ашкере сыйлашкан жубайлар ушундай болор эле* (Каимов).

**ЖУБАЛДЫЗ** *диал.* Темене. *Жубалдыз менен тигүү.*

**ЖУБАН I** Жаңыдан эрге тийген же эрден чыккан жаш аял, жаш келин. *Кызга бергис закыйган, Жубан келди бул тойго* («Эл адабияты»). *Алганы жароокер жубан болду да калды* (Убукеев). *Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар* (макал). *Айнаш өзүн жубан тийгендиги үчүн күнөөлүү сезер* (Шимеев).

**ЖУБАН II** Көңүлү, санаасы, ою тынчуу, тынч алуу, уюу, сооронуу. *Сайраңдап күлүп кубанып, сагынган жүрөк жубаныр* (Нуркамал). *Бир ооз айткан кебиңе, Ким болсо да жубанган* («Мендирман»).

**ЖУБАНДЫР жубант** менен бирдей. *Ыйласам алдейлеген, жубандырган, Тилиңди эне, баркын эми билдим* (Токтомушев).

**ЖУБАНТ жубан II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жок, жок жашсыз, Абаке,– деп Көңүлүмдү жубантар* (Токомбаев).

**ЖУБАНУУ жубан II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУБАР** 1. Асыл таш. 2. Аппак, тунук, таза. *Жүгүн чечип караса, Жубар бермет кошо экен* (фольк.). 3. *өт.* «Аппагым», «асылым», «сүйгөнүм» маанисинде колдонулат. *Башкача жооп берейин, Байкап калды, жубарым* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖУБАРДАЙ** Таза, тунук, аппак. *Жазыктуу ишке барбаган, Жубардай киши деди эле* («Семетей»).

**ЖУБАРМЕК** *туурасы:* **жубарымбек.**

**ЖУБАРЫМБЕК** Балдарга, жаштарга карата тилдегенде, жек көргөндө «жашабай калгыр», «жашабагыр», «жаштайында өлгүр» маанисинде колдонулчу сөз. *Алда жубарымбек ай ээ! Кайдан чыга калды* (Баялинов). *Ким айтат ошону? Жубарымбек кетейин, Ышкынаалыны жанымдан артык көрөм* (Байтемиров). // «Оңбогур» маанисинде колдонулат. *Кызылды көрсөң кымтыңдап, Кыйкырасың жубарымбек* (Токтогул).

**ЖУБАТ** Көңүлдү сооротконмамиле кылуу, жоошутуу, көңүл тынчытуу. *Элди бекер жубатып, алдап отуруунун эмне кереги бар* (Абдукаримов). *Өтөр иш өттү деп Бурмаке Эстебестерди жубаткан болду* (Элебаев).

**ЖУБАТУУ жубат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУГУЗ жук I** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУГУЗУУ жугуз** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУГУЙ** 1. Чыңылдак, чыңылдаган. 2. *өт.* Жылпыштаган көшөкөр, мүлтүлдөк.

**ЖУГУМ** 1. Боёктун, сырдын ж.б. жугуу сапаты. *Жугуму жакшы боёк.* 2. Үнөм, береке, таасирдүүлүк. *Казактын аңчылыктан тапканы аз эмес, бирок жугуму жок* (Сыдыкбеков). 3. Аш болумдуулук, сиңимдүүлүк, жагымдуулук (тамак-аш жөнүндө). *Арам тамактын жугуму жок дегени ырас* (Байтемиров). 4. Таасир берген тыянак, натыйжа, эсте калуучулук. *Айтканынын жугуму жок.*

**ЖУГУМДУУ** 1. Жакшы жуккан, жугуму жакшы (сыр, боёк ж.б.). *Жугумдуу сыр экен.* 2. Аш болумдуу, сиңимдүү. *Оорулуунун ичкен ашы уламдан-улам жугумдуу болуп баратат.* 3. Эсте туткудай, эсинде калгыдай натыйжалуу, пайдалуу, таасирлүү. *Кулагыма угумдуу, Жүрөгүмө жугумдуу, Кошо чыкса добушум* (Осмонкул). 3. Ар кимге мамиле жасай билген, аралаша билген эпчил. *Алик кишиге жугумдуу бала* (Абдыраманов).

**ЖУГУМСУЗ** 1. Жугуму начар, жакшы жукпаган (сыр, боёк ж.б. жөнүндө). 2. Аш болумсуз, сиңимдүү эмес, жагымсыз. *Жугумсуз тамак.* 3. Натыйжасыз, эсте калгыдай эмес, таасири жок. *Айткан сөзү жугумсуз. 4.* Киши менен мамиле жасай билбеген, тоң, эпсиз. *Кишиге жугумсуз бала экен.*

**ЖУГУМТАЛ** *диал.* Жугумдуулук. *Жугумталы жок жигит.*

**ЖУГУМТАЛДУУ** Жугумдуу.

**ЖУГУМУ ЖОК к. Кишиге жугуму жок.**

**ЖУГУН** Бир нерсенин бетине жабышып калган, түбүндө калган жук. *Каптын жугунун кагып нан жасады* (Баялинов). *Кекиртектерине жугун да болгон жок* (Сасыкбаев).

**ЖУГУНДУ** 1. Тамак-аштын ж.б. идишке жуккан калдыгы, жугу. *Жуурат ичкен кутулуптур, жугунду ичкен тутулуптур* (макал). 2. Тамак жасаган казанды, тамак аш куйган идиш аякты жуугандан кийинки калдыгы, жук аралашкан суу, жуунду. *Күрсүлдөйт жугундуга тойгон дөбөт* («Чалкан»).

**ЖУГУНДУКОР** Бирөөгө көз каранды, анын айтканын аткарган, ошо менен күн көргөн кошоматчы. *Байларга кошомат кылып курсак тойгузуп жүргөн жугундукорлор да аз эмес* (Абдукаримов).

**ЖУГУУ жук II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУГУШ I** *сейр.* **жугуштуу** менен бирдей. *Ачарчылыктан, согуштан, жугуш оору,*

*Көк-бөрү, сайыштан канчасы өлөт* (Шүкүрбеков).

**ЖУГУШ II жук II** этишинин кош мамилеси. *Акыл оошот, ырыс жугушат* (макал).

**ЖУГУШТУУ** Бирөөдөн бирөөгө тез жуга турган, башкаларга тарала турган (мисалы, оору жөнүндө). *Дифтерия тамактан кармоочу өтө жугуштуу оору* («Ден соолук»).

**ЖУДА I** *диал.* 1. Абдан, өтө эле, эң эле, бүтүндөй. *Сонун экен бу да деп, Сорпосун ичип жуда!–деп* («Манас»). 2. Баары, такыр, бүт.

**ЖУДА II** *диал.* Бөлөк, бөтөн. *Байгамбар кудай эмес, кудайдан жуда эмес* (макал).

**ЖУДАЙ** Бардык, бүткүл. *Ата-энем, элим, кырк жигит, Аман болсун жудайим.* (Солтоной).

**ЖУДУРУК** *диал.* Муштум. *Жыгылгандын үстүнө жудурук* (макал).

**ЖУДУРУКТАЙ** *диал.* Муштумдай, кичинекей. *Жудуруктай чал.*

**ЖУЙКУ жуукур** менен бирдей.

**ЖУЙКУЛАН жуукурлан** менен бирдей.

**ЖУЙКУР жуукур** менен бирдей.

**ЖУЙКУРЛАН жуукурлан** менен бирдей.

**ЖУК I** 1. Тамак-аштын, коюураак келген ар кандай суюктуктун ж.б. идиштин бетинде, ордунда калган калдыгы. *Жуурат төгүлсө, жук калат* (макал). 2. Мал-мүлктүн, байлыктын колдо калган көрөңгөсү, бир аз бөлүгү, калдыгы, үлүшү. *Колунан акчанын жугу үзүлбөйт* (Сыдыкбеков).

**ЖУК II** 1. Бир нерсеге жабышып калуу, илээшип же жармашып калуу, калдыгы калуу, сүртүлгөн изи калуу. *Тегирмендин тоскогу жукту. Сыр жукту. Боёк жукту.* ‖ *Кийимине жуккан кум менен чаңды күбүштү* (Сыдыкбеков). 2. Оору башка бирөөгө таркоо, бирөөнөн бирөөгө өтүү. *Таз такыядан жугат* (макал). *Кет, жогол! Келбе мында, ооруң жугат* (Элебаев). ‖ Оoздоноозго, бирөөнөн бирөөгө өтүү, таралуу. *Уламадан уккан сөз, Улам бирге жуккан сөз* («Семетей»). *Билимдүүнүн билими жугат* (макал).

**ЖУК БОЛБОО** 1. Берекеси, үнөмү болбоо, тез эле, бат эле түгөнүп калуу, өтө аз болуу. *Уурдап алган, кымтып алган жук болбойт. Андайлардын карды тойбойт, иши оңолбойт* (Осмонов). 2. Эч нерсеге арзыбоо, алымсынарлык болбоо, өтө аз болуу. *Жалгыз бээнин сүтү сабага жук болмок беле* (Абдукаримов).

**ЖУК-ЖУБУР** Суюктуктун, тамак-аштын ж.б. идиштин түбүндө, ордунда жабышып, илээшип калган калдыгы, ар кандай жукка карата жалпыланып айтылган сөз. *Жук-жубурун калтырбаптыр.*

**ЖУКА** 1. Калың эмес, калыңдыгы кичине. *Жука кездеме. Жука кагаз. Жука тактай.* ‖ Жеңил, калың эмес, оор эмес, жалаңтык. *Күн ысыкта жука кийиниптир* (Жантөшев). 2. Кеп, сөз көтөрө албаган жеңил, көтөрүмдүү эмес, жалакайыраак. *Сөз көтөрө албаган жука неме экен.* Эттүү эмес, тултугуй эмес, кагелес. *Жука, сары чийкил бети кулуң-кулуң этет* (Сыдыкбеков). *Жука эриндери бир аз гана дирилдегендей болуп көрүнөт* (Абдукаримов).

**ЖУКАЛА** Калың нерсени жукартуу, жука кылып жаюу, сүрүү, жука түргө келтирүү. *Алмадан жукалап кесип жеди* (Убукеев). *Жукалап күрмө тигип берем* (Баялинов).

**ЖУКАЛАН жукала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖУКАЛАТ жукала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУКАЛОО I** Жукараак. *Алтынай жукалоо келген ак жүздүү* (Жантөшев).

**ЖУКАЛОО II жукала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУКАЛЫК** Жука болгондук, калың эместик. *Бул темир идиш жасоого жукалык кылат* (Абдукаримов).

**ЖУКАР** 1. Жука болуу, жука тартуу, жука абалга келүү. *Көп өгөлгөн бычак жукарып кетти* («Ала-Тоо»). 2. Коюу, түнөргөн нерсе тароо, сейрек тартуу. *Булут жукарып көлөкөсү суюла берди* (Сыдыкбеков). 3. Арып-азуу, жышылуу. *Эрге тийбей жукарып, Кемпир болуп калыптыр* («Эр Төштүк»). ‖ Байымы жок боло баштоо, чыдамсыз боло баштоо, көтөрүмдүүлүгү төмөндөө.

**ЖУКАРТ жукар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУКАРУУ жукар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУКАРЫҢКЫ** 1. Жука тарткан, жукарган, жукараак. *Тамдын үстүн жапкан темир жукарыңкы тартып калыптыр* («Ала-Тоо»). 2. Арыктаган, жышылган, өңүнөн азган. *Бет сөөгү бир аз жукарыңкы экен.*

**ЖУКСУЗ** 1. Жугу жок, жук калбаган. 2. Берекесиз, кунары жок. *Жуксуз оокат.* 3. Колунда мал-мүлкү жок, кембагал, кедей, бечара. *Жуксуз кедеймин.*

**ЖУКТА (жалап-жукта)** Тамак-аштын түбүн, калдыгын эчтеме калтырбай жеп коюу, бүт аймоо. *Муса жалап-жуктап жатты* («Ала-Тоо»).

**ЖУКТУР жугуз** менен бирдей. *Эмгек кыл деген насаатын Дыйкандарга жуктурган* (Тоголок Молдо).

**ЖУКТУУ** 1. Жук жабышкан, жугу бар. 2. Сиңимдүү, аш болумдуу, топуктуу кыла турган (тамакка карата). 3. Мал-мүлкү бар, оокаттуу, колу жетиштүү. *Кол жуктуу кезде кара козунун жүнүнөн тердик уюткамын* (Бейшеналиев).

**ЖУЛ** 1. Турган, өскөн жеринен түбү, тамыры менен үзүп алуу, суурup алуу, булкуу. *Сакалын жулуп алганы* («Эр Табылды»). *Канат куйругун жулду* (Шүкүрбеков). *Отоо чөптү жулуп таштоо.* 2. Бирөөгө тиешелүү нерсени тартып алуу, колунан

сууруп алуу, күч менен алып коюу. *Коңурбайдын найзасын, Жулуп Манас алыптыр* («Манас»). *Эси бар, күчтүү болсо Абыл дагы, Улакты жулуп алып алсын басып* (Токомбаев). 3. Сөзүн бөлүү, сүйлөп жаткан кишини сүйлөтпөй жолтоо кылып өзү сүйлөй баштоо. *Шабыраалы бозокордун сөзүн жулуп алды* (Байтемиров).

**ЖУЛГУЗ жулдур** менен бирдей.

**ЖУЛДАР** Бир нерсенин эскирип, жыртылып, көөнөрүп калган эскиси, сүлдөрү. *Эскирип жулдары калган шырдак, Жулдары калган көйнөк.*

**ЖУЛДУ жулдар** менен бирдей.

**ЖУЛДУР жул** этишинин аркылуу мамилеси. *Артык балбан эр Жолой Колдогусун жулдуруп, Кордук болгон чагында* («Манас»).

**ЖУЛИК** 1. Жүлүк, ууру. 2. Митаам, алдамчы.

**ЖУЛК** 1. Күч менен катуу тартуу, булка тартуу, үзүп, жулуп алуу. *Каалганы ныктай басып жулкту* (Бейшеналиев). *Ачууланып бай Жакып, Сакалын жулкуп алганы* («Манас»). 2. Оозун бербей, тарттырбай басуу (мисалы, минген унаа), жулуна жөнөө. *Башын жулкуп баратат, Басыктуу кара куnаны* (Осмонкул).

**ЖУЛКТУР жулк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУЛКУЛДА** Илгери, алга карай жулунуу, токтолбой жулкунган абалда болуу. *Ийри сууга барганда, Жулкулдаган торпогум* (Тоголок Молдо). ‖ Ээ-жаа бербей алкынуу, токтоно албай каны кызуу, булкулоо, *Алкылдап-жулкулдап аялы келип кетти* («Ала-Тоо»).

**ЖУЛКУЛДАТ** 1. **жулкулда** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Катуу булкуп тарткылоо, силкилдете булкуу, катуу кыймылга келтирүү, ары-бери тарткылоо. *Бөрүлөр ошол кезде жулкулдатып, Өлүктү кемиришет жата калып* (Токомбаев). *Барпы жандай бастырып келип, Андрейдин артынан мойнунан кармап акырын ары-бери жулкулдатты* (Байтемиров).

**ЖУЛКУЛДАШ** Урушуу, тарткылашуу, жулмалашуу. *Каныбек тар көчөнүн бурчун имериле бергенде жулкулдашып жаткан үч баланы көрдү* (Жантөшев).

**ЖУЛКУН** 1. Алга карай обдула умтулуу, бошонуп же бөлүнүп чыгууга аракеттенип жулуна кыймылдоо. *Түмөн жулкунган бойдон ордунан тура келди* (Абдукаримов). – *Коё бер, мен сенин кулуң эмесмин! – деди Токтогул жулкунуп* (Токомбаев). 2. Олуна алкынуу, булкулдап албууттануу. *Эси жок адам жулкунуп, Эч кимге бербейт билгенин.* 3. Окторулуп ыргыштаган өктөм жүрүштө болуу, чамынып атырылган абалда болуу. *Минген аты жулкунат, Кийген кийми кулпунат* (Бөкөнбаев). *Жулкунса тизгин керилип, Сол колдо жүрөт карышып* (Токомбаев). *Кээ бир жерде Сарала, Окторулуп жулкунат* («Манас»).

**ЖУЛКУНТ жулкун** этишинин аркылуу мамилеси. *Алоолонтуп аттарын, Камчы басып жулкунтуп* («Курманбек»).

**ЖУЛКУНУУ жулкун** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛКУУ жулк** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛКУШ** 1. **жулк** этишинин кош мамилеси. 2. Кармашуу, урушуу, салгылашуу, алышуу. *Ач бөрүдөй жулкушуп, Ат үстүнөн урушуп* («Манас»).

**ЖУЛМА** Жулунган, тонолгон (жүн ж.б.). *Жулманы сабоо.*

**ЖУЛМА САКАЛ** Бирин-серин анда-санда чыккан же топтошуп сейрек чыккан сакал. *Жакып сейрек кара мурут, Жулма сакал, кызылдуу киши* (Токомбаев). *Ак кементайчан жулма сакал дүмүрөйгөн кара киши тер басып, ынтыккан атынын башын кейкейте чыдамсыз жүткүндү* (Бейшеналиев).

**ЖУЛМАЛА** 1. Улам бир жеринен кармалап тарткылоо, тытмалоо, уйпалай жулкулдатуу, жулка тарткылоо. *Ойной кетти жеңекесин жулмалап* (Үмөталиев). *Ак сакалын жулмалап, Ата келип бакырды* (Токомбаев). 2. Жулкулдашып урушуу, чапчылашып кармашуу, чачын жулуу, тытышуу (көбүнчө аялдар жөнүндө). *Биринбири жулмалаган катындарды кой дешке Шайык басып келди* («Ала-Тоо»).

**ЖУЛМАЛАН жулмала** этишинин өздүк мамилеси. *Чачтары жулмаланды.*

**ЖУЛМАЛАТ жулмала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУЛМАЛАШ жулмала** этишинин кош мамилеси. *Жылдызкан менен Уруя кээде жулмалашып ойношор эле* (Байтемиров).

**ЖУЛМАЛОО жулмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛМУГУЙ** Сакал муруту жок же жокко эсе. *Жулмугуй кара киши.*

**ЖУЛМУЙ** Сакал-муруту, жал-куйругу ж.б. жулунуп же жок катары көрүнүштө болуу.

**ЖУЛМУҢ: жулмун-жулмуң** Көсөө же сейрек сакал адамдардын кудундаган көрүнүшүн же мулундаган кебетесин билдирүүдө колдонулат. *Жулмуң-жулмуң этүү*

**ЖУЛМУНДА** Жулмун-жулмуң эткен көрүнүштө болуу.

**ЖУЛУГУНА ЧАҢ ЖУГУЗБОО к. Кирпигине кир жугузбоо.**

**ЖУЛУК АҢДУУ** Кишинин баскан-турганын, иштеген ишин аңдуу, андан шек саноо, жамандык издөө, шектене берүү. *Айылда жулук аңдуу көбөйдү* («Ала-Тоо»).

**ЖУЛУК** Бут кийимдин башын таманына бириктирип тиккен жериндеги тегерете кеткен каптал бөлүгү, таман кончтун ортосундагы бөлүк. *Жулугунан сөгүлүп кетүү. Жулугу жыртылуу.* ‖ *Өтүгүнүн оң жак кончу*

*жулугунан бери балык жон тартып дөңкөйөт* (Сасыкбаев). *Турсун байбиче коңшусунун келинин «жулугуна чаң жукпаган тың келин экен» деп мактачу болду* («Кыргызстан аялдары»).

**ЖУЛУК УУРУ** Майда-барат, кичирээк нерселерди кымтып кете берме, колу туткак, майда ууру, жылма ууру. *Он беш жашынан баштап жулук ууру болуп, барабара, түндүктөн түшкөн уурулукка өтөт* («Чалкан»).

**ЖУЛУКТА** Бут кийимдин жулугунан кеткен айрыгын, жыртыгын жамоо, жулук салып тигүү. *Жыртылган өтүгүмдү жулуктап берди* («Ала-Тоо»).

**ЖУЛУКТАТ жулукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУЛУКТОО жулукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛУКЧУ** 1. Бут кийимди жамоочу, ремонттоочу өтүкчү. *Жыртылган өтүктү жулукчуга жаматуу.* 2. Майда-барат, болорболбос ишти, жамандыкты андыган, издеген адам. *Токтобүбү ичи тар, жамандыкты аңдып, аны эжесине ташыган жулукчу неме эле* («Ала-Тоо»).

**ЖУЛУН** 1. **жул** этишинин өздүк мамилеси. *Жулунду түбү менен толгон дарак* (Үмөталиев). *Куштун канаты жулунду* (Сыдыкбеков). 2. Байланган, турган ордунан обдула алга карай умтулуу, бошонууга, бөлүнүүгө аракет кылуу, булкунуу. *Байлоодо музоо жулунду* (Убукеев). *Байлоодо дөбөт жулунат* (Жантөшев). 2. Оозун бербөө, тарттырбоо, (мисалы, күч унаа). *Ала качып жулунат, Арабакеч аттары* (Осмонкул). 3. Жини, ачуусу келип, кол салууга, урууга, токмоктоого аракет кылуу, жулкунуу, ээжаа бербөө. *Чарчасаң көлгө коно бер, Чачыкей сага жулунбайт* (Бөкөнбаев). *Эрегишкен кишиңди, Соёмун деп жулунба, Союлуң жок колуңда* (Осмонкул). ‖ Ылдам, тез, атырылып шар агуу. *Төмөн карай жулунуп Аккан өзөн суулар бар* (Абдукаримов). *Таштан-ташка урунат Талды-Суу суусу жулунат* (Сарногоев). 4 Жулунган *формасында. сын. ат.* Мыкты, семиз, ыргыштаган. *Жулунган аты бар. Жулунган аттарды минүү.* ‖ Тың, шайдоот, жалоондой. *Жулунган уулу бар. Жулунган жигит. Жулунган азамат.*

**ЖУЛУНТ жулун** этишинин аркылуу мамилеси. *Темир жээрдесин жулунта Каныбекке катарлаша түштү* (Жантөшев).

**ЖУЛУНУУ жулун** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛУУ жул** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУЛУШ** 1. **жул** этишинин кош мамилеси. 2. Урушуу, кармашуу, салгылашуу, чабышуу. *Ач бөрүдөй жулушуп, Минтип намыс алганга* («Эр Төштүк»). *Ат үстүнөн жулушуп, Ары бери булушуп* («Манас»).

**ЖУМ** 1. Көздүн кирпиктерин бирибирине тийиштирип, көз көрбөгөндөй абалга келтирүү. *Сакалды салаа менен бирден ыргеп, Карыя кулак тосуп көзүн жумду* (Токомбаев). *Мырзабай көзүн жылжыйтө ачып, ошол замат кайра жумду* (Абдукаримов). 2. Колдун манжаларын бүгүү, бириктирүү, түйүү. *Алаканын жумуу. Колун жумуу.*

**ЖУМА** Бейшембиден кийинки күндүн аты. *Бүгүн күнгө жума* (Абдукаримов). *Жума күнү күтөм, бүгүн бейшемби* (Жантөшев). ‖ Дүйшөмбүдөн жекшембиге чейинки жети күнгө барабар убакыт, жети күндүк мезгил. *Ал анда ар жума сайын барып турат* (Абдукаримов).

**ЖУМА НАМАЗ** Жума күнү окула турган намаз, жума күнү кулчулук кыла турган ибадат. *Эмки жума күнү, Ош мечитинде жума намазы окулгандан кийин үйүңүздө болосузбу?* (Жантөшев).

**ЖУМАКЕЙ: ачакей-жумакей к. Ачакейжумакей.**

**ЖУМАЛА жумалан** менен бирдей.

**ЖУМАЛАК** Тоголок, жумуру. *Жумалак таш.*

**ЖУМАЛАН** Тоголонуу, тегеренүү, оңкочоңко кулоо. *Жумаланып кулоо. Жумаланып кетүү.*

**ЖУМАЛОО** Тоголоктоо, тегеректүү.

**ЖУМАЛЫК** 1. Жети күнгө барабар убакыт, мезгил. *Бир жумалык жол калды.* ‖ Кандайдыр бир окуяны, күндү белгилөө үчүн арналган жети күнгө созулган убакыт, мезгил. *Кыргыз фильмдеринин жумалыгы болду. 2. эск.* Мусулман дин мектебинде окуткан молдого окуучулары тарабынан жума күнү берилүүчү белек. *Жумалык берүү. Жумалык тапшыруу. 3.* Мезгили менен жума сайын басылып чыгып туруучу газета, журнал ж.б. *«Кыргызстан маданияты» жумалыгы.*

**ЖУМГАН КӨЗҮН АЧПОО, СУНГАН БУТУН ТАРТПОО** 1. Эч капарсыз, беймарал жыргап жата берүү, жыргалдын үстүндө болуу, бардыгы шайма-шай болуу. *Азыр да жумган көзүн ачпай, сунган бутун тартпай жай жатчу кез эмес* (Сыдыкбеков). 2. Ыңгыранып, менменсинип бой көтөрүү, эч нерсеге көңүл бургусу келбей пейил күтүү, тоотпой коюу.

**ЖУМДУР жум** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУМЛА** 1. *эск.* Сөз тизмектери, сүйлөм. *Өмүрбек, орто чениндеги баракка токтоло калып, мына бул жумланы кайта-кайта окуду.* (Токомбаев). 2. *өт.* Жалпы, бардык, бүт, чогуу. *Элдин бары жумла ишке кирищти.*

**ЖУМУЛ жум** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖУМУҢКУРА** Көзүн чала-була жумуу, көзүн жумган сыяктуу абалга келтирүү. *Кыдырбай сол көзүн жумункурап казакка карады* (Сыдыкбеков).

**ЖУМУР I** Уй, кой сыяктуу кепшөөчү жаныбарлардын тогуз катка бириккен тамак сиңирүүчү ички органы. *Курсагы чыгып дердейип, Жумуру чөпкө толо элек.*

**ЖУМУР II** *туурасы:* **жумуру.**

**ЖУМУРАЙ** Бардык, бүткүл. *Жумурай журт уктап атканда, саргарып, түн күзөтүп, сөздүк түзүп убараланып отурган ким? Сизди жумурай журт «ат качыбас боз айгыр» деп атай тургандыгы маалым* (Үмөталиев).

**ЖУМУРАЙ ЖУРТ** Бүт эл, элдин бардыгы, калайык калк. – *Нетсеңер да Токтогулга жумурай журт ыраазы, таңыркаарлык эстелик курулса дейм да* (Бейшеналиев). – *Конуп-түнөп сыйынып жүрөт жумурай журт, баралычы, уулум* (Жусупов). *Мени сабаганы жумурай журтка маалим го* (Токомбаев). *Жумурай журтка түшкөн түйшүктөн кандай пенде буйтап качат* (Касымбеков).

**ЖУМУРАН** *диал.* Чычкан.

**ЖУМУРАН КАЛ** Көбүнчө тилдегенде, урушканда «куруп кал», «куруп кет» деген мааниде колдонулат.

**ЖУМУРДАГЫ СЫР** Аябай жакын, өтө ишенимдүү кишиге гана айтыла турган жашыруун кеп, сөз. *Экөөбүз шашпай отуруп, жумурдагы сырды айтыштык* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Жумурдун башындагы сыр.** *Мен сага жумурдун башындагы сырды айтып жатам* («Ала-Тоо»).

**ЖУМУРТКА** Канаттуулардын, таш бакадын жана жумурткалай турган кээ бир башка жаныбарлардын сырты кабык менен капталып сүйрүрөөк жумуру же тоголок келген жаңы организм чыгаруучу уруктук заты, тукуму. *Бирөө тоогун, бирөө жумурткасын сатып базарда бака-шака түшүп калышчу* (Сасыкбаев). *Жумуртканын агындай, Көз тайгылат денинен* (Токомбаев). *Жерде жаткан жумуртка – эртең учкан балапан* (макал).

**ЖУМУРТКА ЧАЙКАП КУШ КЫЛУУ** Тарбиялап чыгаруу, өстүрүү. *Жумуртка чайкап куш кылган, Журтуңа тийсин керегиң* (Бөкөнбаев). *Жумуртка чайкап чоң кылган, Чубалай көрпө тон кылган* («Эр Табылды»).

**ЖУМУРТКАДАЙ** 1. Семиз, аябай семирген. *Жумурткадай ак койлор короодон чубайт* (Осмонкул). 2. Аппак, жумуру көрүнгөн. *Катардагы жумурткадай отоо казыныкы* (Сыдыкбеков). *Боз үйлөр жумурткадай быжырайт* (Бөкөнбаев).

**ЖУМУРТКАДАН КЫР ЧЫГАРУУ** Жөнү жок жерден, болбогон жерден кемчилик таап, өөн таап, куру бекер кыйкымдай берүү. *Жумурткадан кыр чыгарып, бир сөздөн миң деген сөздү ырбатуучулар четтен чыгат го* (Байтемиров). *Жумурткадан кыр чыгарып, акты кара деген амалкөйлөрдүн бети ачылууда.* **В.: Жумурткадан кыр табуу.** *Демек алар жумурткадан кыр табууга аракет кылышат. Ал эми биз жумурткадан кыр таптырбас үчүн эмне кылуубуз керек? – деди Түлкүбек* (Жантөшев). *Алар кылдан кыйкым, жумурткадан кыр табат* (Жантөшев).

**ЖУМУРТКАЛА** Жумуртка тууй баштоо, жумуртка таштоо. *Ала барчын жумурткалап аскада* («Советтик Кыргызстан»).

**ЖУМУРУ** Топтоголок топ формасында болбостон, бир аз сүйрүрөөк тарткан же жумуртка кебетеленип кеткен форма. *Жумуру баш адамдын, Башка, башка өнөрү* (Токтогул). *Ар кайсы жерден жумуру баш ышкындын учу сербейет* («Мугалимдер газетасы»). ‖ Кырлары жок, цилиндр сыяктанып кеткен форма. *Чайыр жыттанган жумуру баганалар* (Сасыкбаев). ‖ Толуп чыңалып, толук көрүнүштө болгон форма. *Шарип эркей Гүлайымдын жумуру билегинен кармай кетти* (Бейшеналиев). *Коёндой жону жумуру, Копшогондой туруму* (Токомбаев).

**ЖУМУРУЛА** Жумуру кылып жонуу, жумуру абалга келтирүү. *Төрт кыр рейканы жумурулап кетмен саптады* («Ала-Тоо»).

**ЖУМУРУНА ЖУК БОЛБОО** Ичкен-жеген тамак өтө эле аз болуп калуу, такыр алымсынбоо, эптеп эле шам-шум эткен болуу. *Кудай бар, ошо немеңерди чогултуп туруп жеке сугунсам да жумуруума жук болбос эле. Ха-ха-ха* (Осмоналиев). *Артыкча, албеттүү кишилерге беш кашык атала кардына как, жумуруна жук болобу?* (Бектенов). *Ал эми эртели кеч үйдөн жеген загыра нан анын жумуруна жук болбойт* (Жигитов). *Бирок, бул аз неме анын жумуруна жук да болгон жок* (Абдыраманов).

**ЖУМУРУНДА УУЗУ ЖОК** Төрөлгөндө эне сүтүнө жакшы тойбой калган, опкок, ачкорок. *Жумурунда уузу жок, Тоймоюнча кел дебейт* (фольк.).

**ЖУМУРУЯТ** 1. Көпчүлүк эл. *Жумуруят азат деп, Жалпыбызды үндөгөн. Уктаганды ойготуп, Жыпар жыттуу гүл менен* (Чоробаев). 2. Коом, мамлекет.

**ЖУМУШ** 1. Айрым адамдын же көпчүлүктүн кандайдыр бир максат менен күч эмгегин жана акыл эмгегин жумшоо аркылуу аткарган иши, эмгектенүү процесси. *Көрктөнөт киши жумуштан, Элине эмгек кылыштан* (Шүкүрбеков). *Татыбек талаа жумушуна кеткен* (Байтемиров). 2. Энергиянын бир түрүнөн экинчи бир түрүнө айланышынан, механизмдердин кыймылынан аткарылган иш. 3. Кандайдыр бир маселе боюнча бирөөгө кайрыла турган, ага айтыла турган иш, сүйлөшө турган сөз, кеңеш. *Амантур атайы келген жумушун акырындап айта берүүгө өттү* (Убукеев). *Жок, ушул жерден эле кетем, сизде бир аз жумушум бар* (Шүкүрбеков).

**ЖУМУШ КҮНҮ** Милдеттүү ишти, кыз-

матты аткаруу үчүн расмий түрдө белгиленген убакыт. *Сегиз сааттык жумуш күнү. Жети сааттык жумуш күнү. Жумуш күнү аяктап калуу.*

**ЖУМУШКЕР** *сүйл.* Жалданып жумуш иштеген адам. *Ал бир жумушкер эле, байлардын эшигине жүрүп жалданып иштеп жанын бакчу* (Жантөшев). ‖ Жумуш иштөө үчүн бөлүнгөн күч унаа. *Жумушкер ат. Жумушкер өгүз.*

**ЖУМУШСУЗ** 1. Иштөөгө, аткарууга жумуш жок, иш жок. *Жардамга келгендер жумушсуз отуруп калышпасын.* 2. Иштеп күн көрүү, жашоо кызматынан, иштеп жаткан жумушчу ордунан ажыраган, иштей турган иши, жумушу жок бош калган адам.

**ЖУМУШСУЗДУК** Ишсиз, жумушсуз калгандык, иштеп жашоо каражаттарын табуу мүмкүндүгү жоктук, жумушсуздардын абалы. *Жумушсуздук күндөн-күнгө көбөйүүдө. Жумушсуздуктун айынан кылмыштуулук да жылдан-жылга өсүүдө* («Кыргыз туусу»).

**ЖУМУШЧУ** 1. Белгилүү кесипчилик боюнча өндүрүштө эмгектенип, жумушчулар табына кире турган эмгекчи массанын өкүлү. 2. Өзүнүн иштөө күчүн сатып жан багууга аргасыз болгон жалданма ишчи, эмгекчи.

**ЖУМША I** 1. Катуу же катыңкы, тоң нерселер суунун, нымдын, жылуулуктун ж.б. ташаруу. *Жалпы жер жумшап саз болду* (Тоголок Молдо). *Тоңгон эт жумшады* («Ала-Тоо»). 2. Көңүлү жибүү, каары, ачуусу жазылуу, айтканга муюп ийигүү. *Таштай катып жумшабай, Темир турду сөзүндө* (Тоголок Молдо). *Обонду тыңшап, жүрөгүң жумшап, Көңүлдүн эшиги ачылат* (Элебаев). *Асан тилдеди эле, кийин жумшай түштү* («Ала-Тоо»).

**ЖУМША II** 1. Бир ишти аткарууга же кандайдыр бир тапшырма менен бирөөнү жиберүү. *Улуу киши жумшаса, Тартынбай бар жумушка* (Токтогул). *Деп Табылды жумшады, Элдиярдын элине* («Эр Табылды»). 2. Бирөөнү кол алдында иштетүү, эмгегинен пайдалануу, кызмат кылдыруу. *Байлар жумшайт малайды* (Токтогул). *Дөгүрсүгөн эрлерин, Төбөгө чаап кул кылып, Үйүмө жумшап аламын* («Семетей»). 3. Каражаттоо, расход кылуу, сарп кылуу. *Акчанын бул жагын жумшай турайын деп, Карабек аялына пальто, жоолук алат* (Каимов). *Орто-Кырдын тоосунан кен табылып, ал эмгекчи адамдын керегине жумшалар* (Сыдыкбеков).| Багышоо, арноо. *Жаралдың жаңы заман бактысына, Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша* (Бөкөнбаев). *Каникулдун көп күнүн китеп окууга жумшадым* («Жаш ленинчи»).

**ЖУМШАК** 1. Үлпүлдөгөн, кармоого назик, катуу эмес. *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип, мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков). ‖ Отурууга, жатууга, пайдаланууга ылайыкталып жумшакталып жасалган. *Жумшак вагон. Жумшак диван.* ‖ Катып же кургап кала элек. *Көөп бышкан жумшак боорсок жедик* (Сыдыкбеков). 2. Иштөөгө же иштетүүгө жеңил, борпоң, ийилгич. *Жумшак карагай. Жумшак темир.* 3. Жагымдуу, угумдуу (мис. үнгө карата). *Ой кара көз Дүрдана, Шайыр жумшак үн кана* (Токомбаев). ‖ Акырын гана жорто соккон, катуу эмес (мисалы, желге карата). *Өткөндүн бир күндөрү бешим убак, Жумшак жел соккон болот көңүл уулап* (Турусбеков). 4. Бирөөгө жаман айтпаган, муңайым, мээримдүү, көңүлчөөк, катаал же каардуу эмес (кулк-мүнөз, жүрүш-туруш жөнүндө). *Жыгач жумшагын курт, адам жумшагын адам жейт* (макал). *Кудам коймаарек, жумшак адам экен, бирок кудагый сен экөөбүздү бир базардан алып экинчи базарга сатчудай, – деди Капар чайдан ууртап жатып* («Чалкан»).

**ЖУМШАК ҮНСҮЗДӨР** Шоокум жана үн кошулуп айтылган үнсүз тыбыштар. Мис. б, в, г, д.

**ЖУМШАКТА** Алдына жумшак, калың, тынч нерселерди төшөө, салуу, жумшак болгудай абалга келтирүү. *Жумшактап шөк салуу.*

**ЖУМШАКТАЛ** **жумшакта** этишинин туюк мамилеси.

**ЖУМШАКТАТ** **жумшакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУМШАКТОО** **жумшакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУМШАКТЫК** 1. Жумшак сапат, катуу эместик. *Бул металл жумшактыгы, ийилгичтиги жагынан айырмаланат.* 2. Бирөөгө жаман айтпагандык, жамандык кылбагандык, көңүлчөөктүк. *Кишинин мүнөзүн, каардуулугун же жумшактыгын бат эле аныктоого болот* (Каимов).

**ЖУМШАЛ** **жумша II** этишинин туюк мамилеси.

**ЖУМШАР** **жумша I** менен бирдей. *Мээдей болуп жер жумшарат, Тоолор жерге баткандай* (Токомбаев). *Ары айбыгып, ары жандай көргөн атаны аяп, Батыйна да жумшара түштү* (Сыдыкбеков).

**ЖУМШАРТ** **жумшар** этишинин аркылуу мамилеси. *Жаа, жаа жамгырым, жумшарт жердин тамырын* (Осмонов). *Малмага салып кайыш ийлеп жумшартты* (Жантөшев).

**ЖУМШАРУУ** **жумшар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУМШАТ** **жумша I** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУМШОО I** **жумша I** этишинин кыймыл атоочу. *Сууга салынган тери акырындап жумшоодо.*

**ЖУМШОО II** **жумша II** этишинин кыймыл атоочу. *Сансыз Каныбекке кул жумшоо жоголгонун даңазалап айта турган*

(Жантөшев).

**ЖУНАН** *диал.* Назик жүн жоолук. *Томзак да келинге деп жапжаңы жунан оромолду көтөрүп келиптир* (Абдукаримов).

**ЖУНГЛИ** Бийик, катуу сабактуу чөп аралаш, жыш чыккан дарак-бадал өсүмдүктөрү, саздуу чытырман токой.

**ЖУНУП** Таза эмес, арам. *Байлыгы менен адамдын, Жетеби башы булутка. Сырымды кантип айтайын, Бет жуубаган жунупка* (Тоголок Молдо).

**ЖУП I** Эки нерседен турган бир бүтүндүн түгөйү, эки даананын бири, эки нерседен турган бир түгөй, түгөйлөш. *Тийүүчү эриң Эр Төштүк, Бир өзүңө жуп болсун* («Эр Төштүк»). *Теңине жуп, өмүрдүн кызыгына шерик сүйгөн жар бар* (Сыдыкбеков). *Артыкча жубун бузбагандар, береки төрт кыз болду* (Сыдыкбеков).

**ЖУП II** Жаңыдан, жаңы эле, так, дал ошол учурда. *Эл жуп каптап кирген кезде ок атылды* (Баялинов). *Жуп жетип, Искендер аңсап жутарында Черик чыгат* (Турусбеков).

**ЖУП III** Сын атоочтун жупжука, жупжумшак, жупжумуру сыяктуу күчөтмө даражаларын түзөт.

**ЖУПКА** Ачыбаган камырдан жупжука жайып, кат-кат кылып кактап бышырылган нан жана ага сүт, сары май кошуп жасалган тамак. *Жупка үнөмдүү жана таттуу тамак.*

**ЖУПТА** Түгөй-түгөйү менен коюу, түгөйлөө, түгөйүнө бириктирүү, эки-экиден жуп кылып бөлүү. *Галошторду тазала, тиешелүү ордуна жуптап коюшту.*

**ЖУПТАЛ** **жупта** этишинин туюк мамилеси.

**ЖУПТОО** **жупта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУПУН** *туурасы:* **жупуну.**

**ЖУПУНУ** Асемдүү эмес, анчалык эмес, жөнөкөй, карапайым. *Жасалгасы жупуну болгон менен ичи таптаза* («Кыргызстан аялдары»). *Каныбек өтө эле жупуну кийинип алган* (Жантөшев).

**ЖУПУНУЛУК** Анчалык асемдүүлүгү, көөздүгү же өзгөчөлүгү жоктук, жупуну абал, жөнөкөйлүк, карапайымдык. *Кийиминин өтө жупунулугу турмушунун начар экендигин ашкерелеп турат* (Жантөшев). *Адамдын улуулугу да, сулуулугу да анын жупунулугунда* («Жаш ленинчи»).

**ЖУРААТ** Тууган-туушкандар, урук-туугандар, укум-тукум. *Жураатынан адашкан* («Манас» С.О.). *Шол Кабылдын журааты* («Манас» С.О.). *Кемпирдин журааттары.*

**ЖУРДАЙ** Кийим-кечеси жыртылган, жылаңач-жыртык, тамтыгы кеткен, кийими жокко эсе. *Чычкандай жерге кирет алтын казып, Өздөрү ачка, журдай, тишин кайрап* (Токомбаев).

**ЖУРДУ** Бир нерсенин жыртылып, урап, кулап калган калдыгы, тамтыгы кеткен ордутүбү. *Энемдин жаман кийиз өтүгүнүн журдусу калбаптыр* (Жантөшев). *Атамдын мүрзөсүнүн журду калбаптыр* (Жантөшев).

**ЖУРНАЛ** 1. Мурдатан белгиленип коюлган мезгилине ылайык убак-убагы менен чыгып турууччу китепче. *Адабий журнал. Саясий журнал.* ‖ *Стол үстү толо китеп, журнал, газеталар* (Бейшеналиев). 2. Ар кандай иштерди, окуяларды, өзгөчө белгилерди ж.б. басылма жазып тура турган дептер же китепче. *Жамила класс журналын колуна алды* (Баялинов). *Байкоо түшүрүлүүчү журналга ушулардын баары түшүрүлдү.*

**ЖУРНАЛИСТ** Журналистикага таандык иштерди жүргүзүп, адабий-публицистикалык иш алып барган адам.

**ЖУРНАЛИСТИКА** 1. Газеталардагы жана журналдардагы адабий-публицистикалык иштер. 2. Мезгил-мезгили менен үзүлбөй чыгып турууучу басма сөз иштери.

**ЖУРНАЛИСТТИК** **журналистикага** таандык, **журналистке** таандык. *Журналисттик иштер. Журналисттик кызмат.*

**ЖУРНАЛЧЫ** *эск.* **журналист** менен бирдей.

**ЖУРТ** 1. Көчүп кеткен айылдын, боз үйдүн мурдагы орду, эски конуш, калтырып кеткен эски жайы. *Шашканынан ар кайсы журтта чечилбеген үйлөр, казан-аяктар жатат* (Элебаев). *Караса журтта Табылдынын сырдаган таш мамысы жатат* («Эр Табылды»). ‖ Мекендеген, турук алган жай, конуш алган жер, конуш, өлкө. *Жаңы журтка жаркырап, Конгон элди карачы* (Токтогул). 2. Белгилүү жерди жердеген айылдын, аймактын эли, калкы, жалпы эле көпчүлүк эл. *Жабылып журту конок алмак, Күн мурун тамак-ашын турат камдап* (Маликов). *Жумулса кара көзүбүз, Журтка калсын сөзүбүз. Ал тамганы көргөндө, Журт чуркурап дуу турду* («Эр Төштүк»). *Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим Кыйла журт кыраандыгын угуп келдим* (Садырбаев).

**ЖУРТ АТАСЫ** 1. Эл бийлеген аксакал, билерман адам. *Кеңешели, биздин да журт атасы болгон сакалдуу-көкүлдүүлөрүбүз бар* («Ала-Тоо»). 2. Жетекчи кызматтагы адам. *Балам, жаш да болсоң журт атасы болуп отурасың. Биздин колдон келгенди аянбайбыз, мындан ары кеңешип-жанашып туралы дешти карыялар.* **В.: Калк атасы.** *«Калк атасы ушу», – деп, Кутубий уулу Карадөө Кан көтөрүп салды эми* («Семетей»).

**ЖУРТ БОЛУУ** Касташканын, жоолашканын коюп, ынтымакка келүү, элдешүү, тынч жашоо. *Калмак, кыргыз журт болсо, Карыганда ишке жарадым* («Эр Табылды»).

**ЖУРТ КӨЗҮНӨ** *к.* **эл көзүнө.**

**ЖУРТКА ТАШТОО** Карабай, бакпай коюу, жалгыз калтыруу. *Карыган апаңды журтка таштайсыңбы, айылга келип иш-*

*те дешип, туугандар мени ортого алып жемелешти* («Ленинчил жаш»).

**ЖУРТКЕРЧИЛИК журтчулук** менен бирдей.

**ЖУРТУН КЕТМЕНДӨӨ** Эч нерсесин калтырбай жок кылуу, талкалоо, тыптыйпыл кылуу. *Найзакердин кунунан кутулгуча экөөнү качырасыңбы?... Айтып коёюн, журтуңду кетмендеп салам! Уктуңбу?!* (Осмоналиев). – *Айтканыңардай Олойкандардын журтун кетмендейли. Аларды коргогон Верныйдагы күчтөн бизди коргоочу кимиңсиң?* (Осмоналиев).

**ЖУРТУНДА ИТ УЛУП КАЛУУ** Эч нерсеси, эч кимиси калбоо, аңгырап бош калуу, ээн калуу. *Кыштоосун кым-куут кылып, бир күндө буздуруп, быякка ташытып, журтунда ит улуп калды* (Өмүрбаев).

**ЖУРТЧУ** *диал.* Жору.

**ЖУРТЧУЛУК** 1. Коом, көпчүлүк, коомчулук. 2. Элдин, коомдун ички биримдиги, ынтымактуулугу, тилектештик сезими. *Жуучу болсом өзүм деп, Журтчулук жагын көп айтты* («Эр Табылды»). 3. *тар.* Тууган-туушкан адамдар жакын кишисине жардам берүү максатында чогулткан акча, мал-мүлк. *Ашырдын туугандары журтчулукка келишип акча чогултушту* («Ала-Too»). 4. *тар.* Бирөөгө жардам берүү же бийликте турган адамдардын чыгымдарын жабуу максатында ар кимден жыйылган мал-мүлк, акча. *Журтчулук чыгым, дагы алда немелерди айтып старчындар камчысын үйрүп күнүгө келип калат* (Турусбеков).

**ЖУСАЙ** Тамак-ашка татым катарында кошо турган майда көк чөп сыяктанган өсүмдүк. *Суу алыс, жыртык чакасы, Аз чамгыр, жусай солуган* (Токомбаев).

**ЖУСАК** 1. *диал.* Чебич. *Жусак саады.* 2. *диал.* Кысыр калган бир жаштагы тоо эчки.

**ЖУСАН ланги** менен бирдей. *Жусан тээп ойноо.*

**ЖУТ I** 1. Жазга жуук жем-чөп түгөнгөн кезде капыстан кар калың түшүп, мал талаадан оттой албай өлүмгө учураган аба ырайынын оор шарты, кысымы. *Каран калган малдарың, Каарын алса жуттуку, какбаш* («Эр Төштүк»). 2. Жем-чөптү тез короткон, көп жеген, ачкорок. *Малдын жуту эле үй! – деди Сары* (Убукеев).

**ЖУТ II** 1. Ооздогу тамакты, суюктукту, тоютту ж.б. алкым булчуңдарынын кыймылы менен кызыл өңгөч аркылуу ич жакты көздөй өткөрүү, ичүү. *Эки жүз чанач кымызды, Эңсе-гени жутсун деп, Элдин ортосуна койдурду* («Манас»). *Суу боюна барайын, Суудан жутуп алайын* («Эр Табылды»). ‖ *сүйл.* Ичкилик ичип алуу. *Дөөдүрөп сүйлөй берди, жутуп алса керек.* 2. Сиңирүү, соруп алуу. *Кургак жер сууну бат эле жутуп алды* (Баялинов). 3. Жок кылуу, өлтүрүү, кыйратуу, түбүнө жетүү, жоготуу. *Беттешкенди жутамын, Мелдешкенди утамын* («Эр Төштүк») *Мына бу тамырчынын жардамы менен мунун энесин да жуткан* (Шүкүрбеков).

**ЖУТА** Жутка учуроо, малга тоют, жемчөп жетишпөө, кыйынчылыкка кабылуу. *Колхоздун малы жутабайт.* ‖ Абдан ачыгып калуу, сорготук менен тамактануу, жутуна опкоктонуу. ‖ Керектүү нерсенин жоктугунан жүдөө, жетишпей кыйналуу. *Эл жутады жаан жаап, Суукта отундан жутады* (фольк.). ‖ Зарыл түрдө керек болуу, абдан зарылдыгын тартуу.

**ЖУТАЛАН** Жутка учураган абал, кааtчылык.

**ЖУТАНАК** *диал.* Жутунуп турма, жутунуп ийме адаты бар мал-жан. *Жутанак түгөт эмне болор экен.*

**ЖУТАҢКЫ** Отун-суу, тамак-аш түгөнгөн, жетишсиз, жакырданган абал, ачкорок. *Айтор бул үй отун-суусуз бир жерге жаңы көчүп түшкөндөй жутаңкы.* (Элебаев).

**ЖУТАТ жута** этишинин аркылуу мамилеси. *Кезек-кезек кара бороон буркурап, элдин көзүн ачырбай жутатып туруп алды* (Элебаев).

**ЖУТКУЗ жут II** этишинин аркылуу мамилеси. *Бир суу жуткузуп кетиңиз* (Турусбеков).

**ЖУТКУН I** Кызыл өңгөч, кекиртектин жалпы аталышы. – *Жуткунуна бирдемке чыкканбы, чөп кыркпай калыптыр, – деди чабан бурчта жаткан койду зоотехникке көргөзө берип* («Айыл чарбасы»).

**ЖУТКУН II** Бир нерсени алуу үчүн жулунуп жүткүнүү, ач көздүк кылып умтулуу. *Ач көз адамга айла жок экен, көзүнө көрүнгөнгө эле жуткуна берет тура* («Чалкан»).

**ЖУТКУНЧААК I** *диал.* Соргок. *Жуткунчаак кашка чымын учса, конок келет деп сүйүнүп жүрөт.*

**ЖУТКУНЧААК II** Алга карай жуткунуу.

**ЖУТКУР жут II** этишинин аркылуу мамилеси. *Бирөө муздак суу жуткуруп, Бирөө наар жегизген* (Бөкөнбаев).

**ЖУТКУУР I** Ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүнүн артындагы, кызыл өңгөчтүн алдындагы көңдөй.

**ЖУТКУУР II** Кундузга салынуучу капкан. *Жуткуур коюу. Жуткуурга түшкөн кундуз.*

**ЖУТКУЧ** 1. Бирөөнү жаман көргөндө жан алуучу, өлтүрүүчү, жалаңкыч, ырайымсыз, түрү суук маанисинде айтылган сөз. *Жуткучту туура сойдуңбу Төштүк, Куу жанды аман койдуңбу Төштүк* («Эр Төштүк»). *Каарланса бу Кыяз Кара жолтой жуткучтун, Чатагы тиер баарыга* («Сейтек»). 2. Жеп-ичкич шылуун, жегич, ач көз, алкы бузук. *Алдым-жуттум, жуткучтар мамлекетке чоң зыян келтирди* («Чалкан»).

**ЖУТОО жута** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУТУЛ жут II** этишинин туюк мамилеси.

**ЖУТУМ** Бир уууртам, бир жута турган суусун, суюктук. *Ачкалыкта алтындан бир жутум жарма артык* (макал).

**ЖУТУН** Алга карай катуу обдулуу, жулуна басуу же чыгуу. *Мумуза да жутунуп алга чыкты* (Баялинов). *Экөөнү тең жарып салам деп жутунду* (Токомбаев). ‖ Бир ишти иштөөдө ыгы жок үзүлө түшүп аракет кылуу, напсиси бузулуу, катуу умтулган абалда болуу. *Мансап үчүн жутунуп, Далай пара бергемин* (Маликов). *Ашта, тойдо жутунуп, Жедиң карта чучугун* (Барпы).

**ЖУТУНТ жутун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУТУНУУ жутун** этишинин кыймыл атоочу. *Алга карай жутунуу.*

**ЖУТУП ЖИБЕРЧҮДӨЙ I** Жаман көзү менен каардана карoo, заарын чачкандай карoo. *Токсон саламга жооп кайтарбастан, жутуп жиберчүдөй тиктеп калды* (Осмоналиев). – *Шерменде! – деди Оңолду жутуп жиберчүдөй арбап, үнүн пас чыгарып* (Осмоналиев). **В.: Жутуп ийчүдөй.** *Туткундун жутуп ийчүдөй болгон заардуу көзү өзүнүн көзү менен арбаша түштү* («Ала-Тоо»). *Болуш бизди жутуп ийчүдөй болуп, көзүнөн чаары чыгып, кыжынып отурат* (Бейшеналиев).

**ЖУТУП ЖИБЕРЧҮДӨЙ II** Ашкере сулуу, карап көз тойбоочу сулуу, татынакай. Адамдан ушундай жутуп жиберчүдөй чүрөк жараларына мурда ишенбегем (Каимов). – *Мындай жутуп жиберчүдөй сулуу келинчекти кайдан тапкансың, досум?* («Ала-Тоо»).

**ЖУТУУ жут II** этишинин кыймыл атоочу. *Топтошуп суу четинде чардап жаткан, Жутууга бир баканы ойлоп чыкты* (Бөкөнбаев).

**ЖУУ** 1. Суу же суюктук менен бир нерсенин кирин, майын ж.б. артуу, чайкоо, тазалоо. *Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген* (макал). *Жанболот тигилерди туурап, мойну-башын арыктагы сууга жууду* (Айтматов). 2. Суюк нерсе (кан, жаш ж.б.) жаба агуу, каптоо, көп чыгуу. *Көп ыйлап көкүрөгүн жашка жууду* (Үмөталиев). *Аккан кан колун жууп кетти* (Жантөшев). 3. Суу, суюктук көп болуп, майда тозоңдорду, топуракты ж.б. агызып кетүү. *Мөмө жыгачтары жаңы гүлдөгөндө жаан катуу жаап* гүлүн жууп кетти («Ала-Тоо»). 4. *сүйл.* Жаңы буюм алганда, кийим-кече кийгенде, кызматка орношкондо ж.б. ал жаңылыктарын, ийгиликтерин тамак-аш берүү, ичкилик ичирүү жолдору менен белгилөө, майлоо. *Пальтосун жууду. Ордун жууду.* 5. *өт.* Күнөөсүн, айыбын актоо, андан арылуу аракетинде болуу. *Досуң өз күнөөсүн кантип жууй тургандыгын көр* (Каимов).

**ЖУУГУЗ жуу** этишинин аркылуу мамилеси. *Суу келтирип, бети-колун жуугузду* (Үмөталиев).

**ЖУУДУР жуу** этишинин аркылуу мамилеси. *Кычан кийим-кечесин жуудуруп, таптатып койгон* (Бейшеналиев).

**ЖУУК** 1. Алыс эмес, аралык өлчөмү, мезгили, ж.б. жагынан алганда жакын. *Алыс, жуукту аңдабас, Каран калган Аккелте, Канчалык атсам жеткен жок* («Семетей»). 3. Жылдын мезгилин, кандайдыр бир убакыт маалын билдирген сөз менен кошо айтылып, ошо мезгилге жакын убакыт өлчөмүн көрсөтүүдө колдонулат. *Боз кыроо болгон күзгө жуук, Кыргый келген күнү суук* (Калык). *Кечке жуук жумуш бүтүп ичип тамак, Басабыз ойноп күлүп бак аралап* (Бөкөнбаев). 2. Кууш, тар. *Түбү терең, оозу жуук, Үңкүр жайы мына бу* («Сейтек»).

**ЖУУКА** Тар өтмөк, кууш капчыгай.

**ЖУУКТА** Жакындоо, чукулдап калуу. *Күн-түн дебей жол жүрүп, Келди Курман жууктап* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖУУКТАТ жуукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУУКТОО жуукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУУКТУК** Жакындык, жакын аралык.

**ЖУУКУНДА жуукта** менен бирдей.

**ЖУУКУР** Анткор, куйтуланган митаам, чубут, куйту. *Журтту бузган жуукур кул* («Эр Табылды»). *Басмырлап бир тогузга бизди жыгып, Үч жуукур бүтүм кылып мөөрүн урду* (Токомбаев).

**ЖУУКУРЛАН** Жуукурлук кылуу, куйтулануу, чубуттануу. – *«Баары бүтөт», «Дагы болот», «Ишен» – деп, Кичи пейил жуукурланып корголойт* (Токомбаев).

**ЖУУКУРЛАНУУ жуукурлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУУКУРЛУК** Эки жүздүүлүк кылып куйтуланган мамиле, анткорлонуп калп эле билмексен болуучулук. *Түгөл сен жуукурлугуңду кой* (Бейшеналиев).

**ЖУУКУРСУНУУ жуукурсун** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУУЛ** 1. **жуу** этишинин туюк мамилеси. 2. *өт.* Кандайдыр бир күнөөдөн, жаманатты иштен арылуу, кутулуу, азап, кайгы ж.б. жок болуу, жоюлуу. *Эриктүү жыргал заманда, Кайгыңар кетти жуулуп* (Токтогул). *Аты кедей балдары, Артыңдан шоруң жуулду* (Токтогул).

**ЖУУМАЛ I** *диал.* Алгыр куштарды тап этинде кармоо үчүн берилүүчү каны жуулган тузу жок жаш эт, ак жем. *Кушту жуумал берип таптоо. Кушка жуумал берүү*

**ЖУУМАЛ II: ак жуумал** Куба, аккуба, агыш тарткан, акчыл (өң жөнүндө). *Керилген мурут, ак жуумал, Келбети көркөм эр экен* (Бөкөнбаев). *Азин орто бойлуу келген, ак жуумал жылдызы жарык аял экен* («Ала-Тоо»).

**ЖУУН жуу** этишинин өздүк мамилеси. *Сиз жуунуп, тамак ичип, бир аз эс алыңыз* (Жантөшев).

**ЖУУНДУ** 1. Кир жуугандан, ар кандай нерселерди жууп-тазалагандан кийинки кир суу. *Дагырадагы жуундусун төктү.* 2. *диал.* Тамак-аш жасаган идишти, тамак-аш куюлган чыны-аякты ж.б. жуугандан кийинки жугу аралашып калган калдыгы, жугунду. *Айланайын байбача, улагаңда жүрүп кызматыңды кылып, жуундуңду ичип жан сактайын* (Турусбеков).

**ЖУУНДУКОР** *диал.* Жугундукор. *Тек, жуундукорлор, үнүңөрдү баскыла!* (Сыдыкбеков).

**ЖУУР** Кургак, майда (мисалы, ун ж.б.) нерсени суу же башка суюктук менен аралаштыруу, мыжыгып же ийлеп даярдоо. *Жакшылап жууруп бышырып, Таттуу кылат наныңды* (Тоголок Молдо). *Бегайым чуңкур кара табакка азыраак камыр жууруп жатат* (Жантөшев).

**ЖУУРА** *сейр.* Тынч алуу, тынч жатуу, магдыроо, жуушоо. *Тыптынч эле айлана, Аалам жуурап калгандай* (Токомбаев).

**ЖУУРАТ** Койдун ынак сүтүнөн уютулган айран. *Жуурат ичип ыксыраган адамдай* (Маликов). *Жуурат куйган чаначтар, Канжыгага илинди* (Токомбаев). *Жумуруң ачат баргыча, Жуураттан абдан ууртагын.*

**ЖУУРКАН** Ортосуна жүн же кебез салынып, ичи-сырты кездемеден кабылып тигилген, жатканда жамынып жатуучу төшөнчү. *Чоң эне ак шейшептин жакасын кайрып, жууркандды кымтып койду* (Сыдыкбеков). *Түйгөн чийдей кылып, бирине бирин тегиз койгон жууркандар бир топ* (Сыдыкбеков).

**ЖУУРКАНГА ЧЕНЕП БУТ СУНУУ** Алына, чаркына жараша иш кылуу. *Эми буларга пулду мен таап беришим керекпи. Жууркнаына ченеп бут сунушсачы* (Саатов).

**ЖУУРТ жуур** этишинин аркылуу мамилеси. *Баладай камыр жууртуп, боорсок бышыртып, койдум* (Сыдыкбеков).

**ЖУУРУ** *туурасы:* **жуур.**

**ЖУУРУЛ** 1. **жуур** этишинин туюк мамилеси. *Камыр жуурулуп бүттү.* 2. Эзилип аралашкан, ылайланган абалда болуу. *Көптөн бери күн жаабай чаңдап жатуучу жолдор жаанга жуурулду* (Байтемиров).

**ЖУУРУЛУШ** Абдан таттуу мамиледе болуу, өз ара абдан алышып кетүү. *Сапар техникумдагы балдар менен анчалык үйүр алышып, жуурулушуп кете элек* (Сасыкбаев).

**ЖУУРУУ жуур** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖУУРУШ жуур** этишинин кош мамилеси.

**ЖУУТ** Жакын жолотуу, жанына келтирүү, жакындатуу. *Мырзабекти чабандыкка жуутпасын сезди* (Абдумомунов). *Мамажакып ашык болуп калганын Төпаханга айтса, ал жуутпайт* (Жантөшев).

**ЖУУЧУ** Куда түшөр алдында кыздын эне-атасынын, жакындарынын макулдугун билиш үчүн күйөө тараптан сүйлөшкөнү келген киши, үйлөнөр алдында макулдугун алуу үчүн сүйлөшүүгө жиберилген киши. *Гулайымга далай жуучулар келип, анын колун сураган болучу* (Абдукаримов). *Абыке Каныкейди алам деп жуучу жиберет* (Бөкөнбаев).

**ЖУУЧУЛУК** Жуучунун милдети, жуучу болуу иши. *Жуучулукка келдим деп, Каарына кармалдым* («Курманбек»). *Жиберели апамды, Жуучулукка барышка* (Осмонкул).

**ЖУУШ I** Жакындоо, жакшы мамиледе болуу, аралашып кетүү. *Кыз-келиндерге таптакыр жууша албай жүрөм* (Мавлянов).

**ЖУУШ II жуу** этишинин кош мамилеси. *Айша жеңесине жардамдашып дем алыш күнү кир жуушту.*

**ЖУУША** 1. Бир орунда тынч алып жатуу же ордунан козголбой тынч туруп калуу, тынч алып көшүлгөн абалда болуу. *Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт* (макал). *Короодогу калың мал жуушап жатат магдырап* (Элебаев). 2. Төшөлө жыгылып калуу, жыгылып боо түшкөн абалда болуу, жапырт кырылуу. *Эртесинде маясы жуушап, кызылы күбүлүп калган* (Сыдыкбеков). *Канчалык адам жуушаган, Каза жеткен, өлүмдү* («Эр Табылды»).

**ЖУУШАҢ** Койдун жүнүн кыркуучу кайчы сымал курал. Сапаттуу, курч темирден, узун, ичке, эки жаактуу формада жасалат. Анын жаактарынын ички жак бети курч миздүү, жүндү аралап киргидей учтуу, сабы колго ыңгайлуу болсун үчүн жумуруланган. *Жуушаң менен кой кыркуу.*

**ЖУУШАНДЫ** Малдын жуушаган жери, жуушап жаткан орду. *Жылас болгон жылкынын, Жуушандысы табылды* («Эр Табылды»).

**ЖУУШАТ жууша** этишинин аркылуу мамилеси. *Койлорду жуушатып коюп, койчулар кежегедеги оттун жанына отурушту* (Убукеев).

**ЖУУШАТЫ жуушанды** менен бирдей. *Оттугу – Ала –Тескейде, Жуушаты – Күмүш –Күңгөйдө.*

**ЖУУШОО жууша** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮГӨН** Жылкынын башына катылуучу ооздук, тизгин, чылбыр, сагалдырык ж.б. бириккен кайыштан жасалган ат турманынын бири. *Чалкуйруктай тулпардын, Жүгөнүн алып турду эми* («Эр Төштүк»).

**ЖҮГӨН САЛУУ** Баш ийген, моюн сунган абалга келтирүү, чектелген абалда, өз бийлигинде кармоо. *Каршы чыгып Токоңо, Кузгундар салган жүгөнүн* (Токтогул). **В.: Жүгөн катуу.** *Зулумдар каткан жүгөнүн, Жарды менен жалчыга* («Ала-Тоо»).

**ЖҮГӨНДӨ** 1. Атка жүгөн катуу, жүгөн кийгизүү. *Укурук салбас азоолор, Жүгөндөп*

*минсең көнүгөт* (Токтогул). 2. *өт.* Баш ийдирүү, кызмат кылдыруу, моюн сундуруу, багынтуу. *Жүгөндөп өжөр дайраны, Жапан чөлдү сугарып. Бар өнөрдү багындырсак жүгөндөп, Техниканын бардык күчүн түгөлдөп* (Элебаев).

**ЖҮГӨНДӨЛ жүгөндө** этишинин туюк мамилеси. *Азоолугуна карабастан, жайлоодон келген кунан да тез эле жүгөндөлдү.*

**ЖҮГӨНДӨЛҮҮ** 1. Башында жүгөнү бар, жүгөнү менен жүргөн, жүгөн катылган, жүгөндүү. *Жүгөндөлүү жылкы.* 2. *өт.* Баш ийип калган, моюн сунуп жоошуп калган, мүмкүндүгү чектелген.

**ЖҮГӨНДӨӨ жүгөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮГӨНДӨТ жүгөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖҮГӨНСҮЗ** 1. Башында жүгөнү жок, жүгөн катылбаган. *Жүгөнсүз минүү.* 2. *өт.* Адепсиз, ээн баш, тартипсиз, уят-сыйыты жок, жулунган.

**ЖҮГӨНЧӨН** Жүгөн катылган, жүгөнү бар. *Ээр токум, жүгөнчөн, Ат көрүнөт жылкыда* («Эр Табылды»).

**ЖҮГӨРҮ** Сабагы жоон, сото байлоочу, ири дандуу өсүмдүк. *Суйкая тартып баласын кучактаган сындуу жүгөрүлөр баш ийгендей акырын гана ыргалышты* (Сыдыкбеков). / / Ушул өсүмдүктүн даны. *Жүгөрү талкан экен, майга көөлөп жейин* (Бөкөнбаев).

**ЖҮГӨРҮЧҮЛҮК** Жүгөрү айдоочулук, жүгөрү өстүрүүчүлүк.

**ЖҮГҮН** 1. Күйөөсүнөн улуу тууган-туушкан, жек-жаат адамдарды биринчи жолу көргөндө жаңы келген келин эки колун бооруна алып, белин бүгүп эңкейип, башын ийип ызаттоо белгисин көрсөтүү. *Азин колун бооруна ала коюп элпек жүгүндү* («Ала-Тоо»). *Ак сакалдуу аке деп, Карылыктын белгиси, Келиндериң жүгүнөт* (Токтогул). *Жүрү кагылайын, уялба, үйдө кайнагаң бар, жүгүнүп кир* (Сыдыкбеков). ‖ Даражалуу, өзүнөн улуу адамдарга ийилип салам берип ызаттоо, урматтоо, таазим кылуу. *Улук киши бу да деп Урмат кылып жүгүнүп* («Манас»). *Ак эшен сага жүгүнүп, Тобо таазим кылабыз* (Токтогул). 2. Кошомат кылуу, жагынуу, кечирим суроо, бөйпөңдөө, баш ийип, кулдук кылуу. *Жан соогалап баарысы, Жаш-карысы жүгүнүп* («Манас»). *Мага келип алдыма жүгүнсүн, антпесе соо калбайт деди* («Жомоктор»). 3. Бак-дарак, өсүмдүктөр башын ие ыргалуу, термелүү, ийилүү. *Алма, өрүгү көтөрө албай мөмөсүн, Денин жыйып жүгүнгөнүн көрөсүң* (Токомбаев). *Миң сулуу гүлдөр жүгүнүп, Жер бети күлүп маңкайды* (Элебаев),

**ЖҮГҮН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ** Кол кабыш кылуу, каралашуу, жардамдашуу. *Дүр уулуңуз азыр сиздин таалим боюнча жүгүңүздү жеңилдетип, биздин ишенимди актап, өзүнчө эл башкарууга жетилди* (Бейшеналиев).

**ЖҮГҮНДҮР жүгүнт** менен бирдей. *Кармап келди ар жактан Абыкени жүгүндүрүп* («Семетей»).

**ЖҮГҮНТ жүгүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖҮГҮНҮҮ жүгүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮГҮР** 1. Ылдамдап тез-тез кадам шилтөө, ылдамдаган арыш таштоо, чуркоо. *Сакадай Каныбекке карай тызылдаган бойдон жүгүрдү* (Жантөшев). *Табына келген күлүк ат Талыкпай жолго жүгүрөт.* ‖ Ашыккан, шашылган аракетте болуу. *Мааникердин үстүнөн, Учуп түштү жүгүрүп* («Эр Төштүк»). *Эркек-аял, жаш-кары, Эртелеп ишке жүгүрүп.* 2. Кыймылга келип жүрүп турган, тегеренип чимирилген абалда болуу. *Ат ордуна жолуңда, Автомобиль жүгүрдү* (Үмөталиев). *Жүгүрдү жаңы ийиктер чымынкуюн* (Бөкөнбаев). 3. Таралуу, жайылуу. *Мурунку кейпи кетип каны качкан беттерине кан жүгүрө баштады* (Жантөшев). 4. Кой-эчкинин, кайберендердин эркеги ургаачысын кууп уруктандыруу. *Теке жүгүрдү. Кочкор жүгүрдү. Кулан жүгүрдү.*

**ЖҮГҮРТ** 1. **жүгүр** этишинин аркылуу мамилеси. *Арчатору күлүктү, Аябай катуу жүгүрттү* («Эр Табылды»). 2. Мал-мүлктү, акчаны ж.б. соода-сатык иштеринде жүргүзүп андан пайда табуу, пайдалануу. *Токтахун аке үч күндө базарда соода кылса, колдогу теңгесин жүгүртүп үч мерте пайда табат* (Жантөшев).

**ЖҮГҮРТМӨ I** *диал.* Тайгандын каргысынан байлап жетелеп алган ичке кайыш, жип, чылбыр, тартма. *Жүгүртмө салып байлап алган Кумайык жанында* (Жантөшев).

**ЖҮГҮРТМӨ II** Окуу жайларында, мектеп-терде өтүлүүчү сабактардын күнүнүн, убактысынын көрсөтмөсү. *Эртең жүгүртмө боюнча эки ирет математика өтүлөт.* 2. Мекемеден бошоноордо «карызы жок» деген белгилерди коюу үчүн документ.

**ЖҮГҮРТҮҮ жүгүрт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮГҮРҮК** 1. Өтө тез чуркаган, ылдам, күлүк. *Жүгүрүк ит, кыраан куш, Мырзам, жүрмөк болдуң кайындап* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Куутка мыкты (кочкор, текеге карата). *Жүгүрүк кочкор. Жүгүрүк теке.* 3. Жүгүрүү, чуркоо сапаты. *Кызып кетсе бирерде. Жүгүрүгү шамалдай* («Курманбек»).

**ЖҮГҮРҮҮ жүгүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮДӨ** Кандайдыр бир себеп менен өңүнөн азуу, чүнчүү, кебете-кешпири кетүү, жүдөмүш тартуу. *Үстү-башы көө, Бир көргөн күлөт, өзүбүз бүттүк жүдөп* (Шүкүрбеков). *Бул сакалдан Эшмамбет, Жүдөп жүргөн турбайбы* (Токтогул).

**ЖҮДӨМҮШ** Жүдөө, жүүнү бош, чүнчүгөн, кебете-кешпири кеткен, начар, жүдөө,

жүдөңкү. *Бурч жакта кимдир бирөөнү күткөнсүп жалгыз турган жүдөмүш кыз жигиттин көзүнө урунду* (Каимов).

**ЖҮДӨҢКҮ** Көрүнүшү жүдөө, өңүнөн азган, чүнчүгөн, жүдөмүш. *Тепкедей ата менен балага аралжы болом деп тепилдеп жүрүп, чүкөдөй бүрүшүп, жүдөңкү* («Ала-Тоо»).

**ЖҮДӨӨ I** 1. Кыймыл-аракети өтө бош, кыбыр, илээнди *Баскан-турганы, кылганы жүдөө аял экен* («Ала-Тоо»). 2. Кебете-кешпири начар, жүдөңкү абалда, өңүнөн азган, чүнчүгөн. *Бир кезде эч ким капарына албаган жүдөө жетим кызды көрүштү* (Байтемиров).

**ЖҮДӨӨ II жүдө** этишинин кыймыл атоочу. *Ным отунду күйгүзө албай жүдөөдө.*

**ЖҮДӨӨЛҮК** 1. Шалаакылык, илээндилик, жүүнү боштук. 2. Жокчулуктун, оорунун, санаанын айынан өңүнөн азгандык, чүнчүгөндүк, жүдөгөндүк. *Желкеде кырк жамактуу жыртык чапан, Жүдөөлүктүн айынан мойнум салам* (Барпы).

**ЖҮДӨТ жүдө** этишиннн аркылуу мамилеси. *Жылкыны жакшы баккыла, Кырчаңгы кылып жүдөтпөй* (Осмонкул).

**ЖҮЗ I** 100 саны, эсеби. *Бир жүз койдон жылына Бир жүз отуз козу алат* (Үсөнбаев). *Беш жүз жанга бир киши, Топ башы кылып койду эми* («Эр Табылды»).

**ЖҮЗ II** 1. Адамдын өңү, бети, ырайы. *Жылдызкандын жүзү албырып, жадырапжайнап күлүмсүрөп турат* (Байтемиров). *Жамбылдын шондо көрдүм анык жүзүн* (Тоголок Молдо). 2. Убакыт өлчөмүн, анык болгон мезгилди билдирүү үчүн колдонулат. *Мына, үч айдын жүзү болду, Касенден не кат, не кабар жок* (Сыдыкбеков). 3. Иштин, фактынын ж.б. кандайдыр түрүн, формасын билдирүүдө колдонулат. *Кат жүзүндө берилген кабар. Ооз жүзүндө жасалган билдирүү.*

**ЖҮЗ АЧААР** Кыз узатуудагы ырым-жырымдардын бири, колуктуну алып кетүү үчүн келген күйөө, күйөө жолдоштон жеңелери жасалгалуу кийинген колуктусун көргөзүп алуучу көрүндүк.

**ЖҮЗ БАКПОО** Тике карай албоо, жүздөшө албоо. *Бирок Бөбөк атасына жүз бакпай төмөн караган бойдон төшөгүнө өтүп кетти* (Укаев).

**ЖҮЗ ЖАНБАГАН** Тайманбаган, жалтанбаган, тартынбаган, беттегенинен, кайра тартпаган. *Боз балдарда жарак көп, жүз жанбаган баатыр көп* (фольк.).

**ЖҮЗ КАРАШПОО** Катуу таарынышып же чатакташып бири-бирине такыр жолугушпай, бет алышып көрүшпөй, бирин-бири көргүсү келбей, катуу араздашып калуу. *Бул үйдөгүлөр кечинде жүз карашпай алдыалдынан тарап кетишти* (Медетов). **В.: Жүз көрүшпөө.** *Ошол чоң чатактан кийин алар жүз көрүшпөй калган.*

**ЖҮЗ КӨРҮШҮҮ** Жолугушуу, кездешүү, учурашуу. *Энелердин насиби тартып, эсен жүз көрүшкөндөй бололук* (Сыдыкбеков). *Күн сайын кечинде гана жүз көрүшүп жүрүштү* («Чалкан»).

**ЖҮЗ ПАЙЫЗ** Толук, бүт бойдон. *Планды жүз пайыз орундатуу.*

**ЖҮЗ ТОЛГОНУУ** Катуу ойлонуу, кайракайра ойлоно берүү, бир чечимге келе албай убаралана берүү. *«Ие, кокуй, көрсөтпөй койсом мени кудай алабы?!» деп ичинен кайра жүз толгонуп, ой-санаасы: «Бу бектерди көгөнгө тизгендей... байлап бермейинче, бизге бак тийбейт!» деп, көгүнө таянат* (Касымбеков).

**ЖҮЗ ЧАЮУ** Жуунуу, бетин жуу. *Айнектей тунук сууга кол малып, жүз чайыды* (Осмоналиев).

**ЖҮЗААРЧЫ** Бети-колун, терин аарчуу үчүн жанга салып жүрүлүүчү кичинекей чарчы кездеме. *Дептердин барагындай жүзаарчынын бурч-бурчуна гүл, жалбырак түшүрүп сайма сайыптыр, бир бурчундагы гүл арасына кызыл жип менен үч тамга жазыптыр: «S q M»* (Айтматов). *Жүзаарчың жаз жыттанат, Жемиштер гүлүн ачкандай* (Акматалиев).

**ЖҮЗДӨ жүздөгөн** *же* **жүздөп** формаларында. Бир нече жүз келген, жүздүк бирдиги менен топтоштуруп саноого боло турган, бир нече жүзгө жеткен. *Жүздөгөн жаштар. Жүздөп жайылган жылкы.*

**ЖҮЗДӨМӨН** *диал.* Бети менен, бети ылдый карап, көмкөрөсүнөн, үстөмөн. *Жүздөмөн түшүп жатып алуу.*

**ЖҮЗДӨМӨНДӨ** Бети, маңдайы менен тийүү, жүздөмөн түшкөн абалда болуу. *Ок тийип оң санына, кан көп кетип, Жыгылды жүздөмөндөп, эстен танды* (Үмөталиев).

**ЖҮЗДӨМӨНҮНӨН** Бети ылдый карап, көмкөрөсүнөн түшкөн абал, үстөмөнүнөн. *Маматтын муун-жүүнү бошоп, төшөккө жүздөмөнүнөн түшүп, өксүй-өксүй ыйлады* (Каимов).

**ЖҮЗДӨН** Кандайдыр бир өң-түскө окшош, бирөөнүн өңүндөй көрүнүү, өңдөнүү. *Майлаган буудай жүздөнүп, Күүгүм туман көздөнүп* («Манас»).

**ЖҮЗДӨШ I** Бетме-бет болуп жолугушуу, жүз көрүшүү, кезигишүү, бетме-бет келүү. *Ашык болуп жүздөшүп, Айтпадым ичте сырымды* (Токомбаев). *Жүздөшүп черим тарады* (Калык).

**ЖҮЗДӨШ II** Жүз граммдап ичимдик ичүү, аз-аздан ичкилик ичишүү (көбүнчө арак жөнүндө). *Экөө автобустан түшө калышып, жүздөшүп келишти.*

**ЖҮЗДӨШТҮР жүздөш I** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүздөштүрүп отуруп сүйлөшүү.*

**ЖҮЗДӨШҮҮ I жүздөш I** этишинин кыймыл атоочу. *Жүздөшүүгө ынтызар.*

**ЖҮЗДӨШҮҮ II жүздөш II** этишинин кыймыл атоочу. *Азыраактан кылт этип, жүздө-*

*шүгө каршы болбоо.*

**ЖҮЗДҮК** 1. Жүз санын билдирген өлчөм, жүз санын билдирген бирдик. *Эки жүздүк, Үч ондук. Жүздүк сан катарында.* 2. Шакек.

**ЖҮЗДҮКТӨЙ** 1. Шакектей. 2. *өт.* Сымбаттуу, жараган, мыкты, келишимдүү. *Жүздүктөй болгон кара аттан, Жүзүн санап алыңар* («Манас» С.О.).

**ЖҮЗДҮҮ** Өңдү-түстү билдирүүдө колдонулат. *Мелтиреген ак жүздүү Айсалкын болгон нур кызы* («Эр Төштүк»). *Жоломан өзү толук келип кызыл жүздүү неме* (Элебаев).

**ЖҮЗӨ: жүзөгө ашуу** Ишке ашуу, аткарылуу, орундалуу. *Кишилер демилгесин улап турбаса, жакшы иштер да начарлап кетет же ал жүзөгө ашпай калат* (Сыдыкбеков). Коюлган максатты жүзөгө ашыруу бир топ эмгекти, өжөрлүктү талап кылат.

**ЖҮЗҮ АК** *к.* **жүзү жарык 2.**

**ЖҮЗҮ АЧЫЛУУ** *к.* **бети ачылуу.**

**ЖҮЗҮ ЖАРЫК** 1. Ажарлуу, жайдары. *Эч кайгырбаган жүзү жарык, жылдыздуу адам* («Чалкан»). *Карындашым Кундузжан, жүзүң жарык жылдыздан* (Токомбаев). 2. Элге уят болбогудай, эл алдына кызарбагандай, кепке-сөзгө калбагандай абалда. *Тоодо малчы жүзү жарык, Ышкырышкан жел менен* (Токомбаев). *Менин башымды ачып, такыялуу кыздай каада менен алып кетсең, эл алдында менин да жүзүм жарык болор эле, – деди* (Өгөбаев). *Бардыгынын жүзү жарык, көңүлдүү* («Ала-Тоо»). **В.: Жүзү ак.** *Эл алдында эми жүзү ак болот.*

**ЖҮЗҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО** *к.* **өңү жылуу учуроо.**

**ЖҮЗҮ ИЙГИ** *к.* **түсү ийги.**

**ЖҮЗҮ КАРА** Уяты жок, адамгерчилик сапаты жок, шерменде. – *Жүзү кара! Бизге башынан бери жармашкан кырсык ушулар турбайбы* (Каимов). – *Ой, жүзү кара десе, минтпегениңде атаңы таанытмакмын* (Бейшеналиев). *Ал жүзү кара, энеңерден калган оокатты бүтүндөй үйүнө ташып кетти* (Акматов).

**ЖҮЗҮ КАРАЛЫК** Уятсыздык, адамгерчилиги жоктук, шермендечилик, маскарачылык. *Бирок, сакалдуу башың менен жүзү каралык иштиштегениңди кечире албайбыз* (Өгөбаев). *Биз үчүн жакшылык ойлобой бардык жүзү каралыкты ойлоп жүргөндөр ушулар экен да* (Жантөшев).

**ЖҮЗҮ КАРАРУУ** Эл алдында уят болуу, абийири кетүү, адамгерчиликтен ажырап, маскара болуу. *Журт алдында минтип жүзү карарып отурат* («Ала-Тоо»).

**ЖҮЗҮ КУРСУН** Уятсыз, уялганды билбеген, бетинде кызылы жок деген маанидe жек көрүү, тилдөө иретинде колдонулат. *Алардын жүзү курсун, курулуш материалдарын машиналап тартып кетип бара жатып жолдон кармалыптыр* (Бердикеев). *Болбосо жүзү курусун алардын, куттуу журтта кеп кылчу сөз эмес!* (Медетов).

**ЖҮЗҮ ЧЫДАБОО** *к.* **бети чыдабоо.**

**ЖҮЗҮК** *диал.* Шакек. *Бириң – уста жүзүгү, Бириң – кыздын түзүгү* (Барпы). *Ишенбесең мынакей, Белекке берди жүзүгүн* («Эл адабияты»).

**ЖҮЗҮМ** 1. Чырмалып өсүп чыгуучу мөмөлүү бадал өсүмдүк. *Гүлүн ачып, жемиш чачып гүлдөгөн Алма, өрүк, анар, жүзүм, бак дагы* (Калык). 2. Ушул өсүмдүктүн мөмөсү. *Чогул-туп жипке тизген акак таштай. Мөлтүрөп жүзүм турат жегиң келсе* (Үмөталиев).

**ЖҮЗҮМДҮК** Жүзүм тигилген, жүзүм өскөн жер. *Жүзүмдүк талаа.*

**ЖҮЗҮМДҮҮ** Жүзүмү көп, жүзүмү бар. *Алмалуу, жүзүмдүү калың бак* (Бөкөнбаев).

**ЖҮЗҮМЧҮ** Жүзүм өстүрүүчү. *Жүзүмчүлөр эрте жаздан эле ишке кириши.*

**ЖҮЗҮМЧҮЛҮК** 1. Жүзүм өстүрүүчүлүк чарбасы. 2. Жүзүм өстүрүү жөнүндөгү айыл чарба илиминин бир бөлүмү.

**ЖҮЗҮН АЛА КАЧУУ** Уялганынан, айбыкканынан адамга тике карай албай жалтактоо. *Ланичектин каны ичине тартып, жүзүн элден ала качып, айласын таппай жер тиктеди* (Ашымбаев). *Булгаары заводунда иштегендер баштарын салаңдатып, жүзүн ала качты* (Ашымбаев).

**ЖҮЗҮН АРЫ КЫЛСЫН** *к.* **бетин ары кылсын.**

**ЖҮЗҮН АЧУУ** *к.* **бетин ачуу.**

**ЖҮЗҮН КАРАБОО** Экинчи жүздөшпөйм, көрүшпөйм деген сыяктуу катуу көңүлү калуу маанисинде колдонулат. *Кызы атасына бир карап, «эми жүзүңдү карабайм» дегендей, жүзүн терс айлантып кетти* (Касымбеков).

**ЖҮЗҮН КӨРГӨЗҮҮ** Өзүнүн ким экенин таанытуу, элге дайын кылуу. *Көзүмдүн тирүүсүндө барандуурак эле, элге жүзүмдү толук көргөзгүдөй бастырышса боло, – деди Тоголок Молдо* (Бейшеналиев).

**ЖҮЗҮН ҮЙРҮҮ** Ачууланып, кабак-кашын чытып, кыжырланып көргүсү келбегендей, жактырбагандай түр көрсөтүү. *Ал бир жан менен сүйлөшкөн жок. Көңүлдөш жолдоштору келсе да, аларга жүзүн үйрүп, тетири карап жатып алды* (Укаев). *Эмитен сесин алып коёюн дедиби, Көкө жүзүн үйрүп, кыр көрсөтө минтип матады* (Касымбеков). *Эрли-зайып экөө тең сустайып, а түгүл жүзүн үйрүп коюшту* (Өмүрбаев). **В.: Түсүн үйрүү.** *Түсүн үйрүп бүркөлөт, Байназарды көргөндө* (фольк.).

**ЖҮЗҮНӨ КАН ТЕБҮҮ** *к.* **бетине кан тебүү.**

**ЖҮЗҮНӨ КАРАБОО** *к.* **бетине карабоо.**

**ЖҮЗҮНӨ КӨЛӨКӨ ТҮШҮРҮҮ** Уят кылуу, ыңгайсыз абалга калтыруу. *Биз сенин элдин жүзүнө көлөкө түшүрүп, «Интергельпонун беделин кетиргениңе кейип жатабыз* (Ашымбеков).

**ЖҮЗҮНӨ КӨӨ ЖАБУУ** *к.* **бетине көө жабуу.**

**ЖҮЗҮНӨ КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮҮ** *к.* **бетине кызыл жүгүрүү.**

**ЖҮЗҮНӨН КАНЫ КАЧУУ** *к.* **бетинен каны качуу.**

**ЖҮЗҮҢ КУР!** «Капырай», «Шумдук» деген сыяктуу таң калуу маанисинде колдонулат. *Оо, түндүн бир оокуму кезде үйдөн арбактай, аппак чыккан имиш! Жүзүң кур! Эл дырылдап туш-тушка качып жөнөптүр* (Кушубеков).

**ЖҮЙӨ I** Бир нерсенин, сөздүн белгилүү учурдагы ылайыгы, тууралыгы, негизи бар жөнү, ылайыктуу, себептүү негизи. *Акылы даана адамдын, Сөзүндө болот жүйөсү* (Тоголок Молдо). *Сөз жүйөсүн билбеген, сөздү өзүнө келтирет* (макал). *Мамырды жүйөгө келтирүү милдетин да Алтын өз мойнуна алды* (Байтемиров).

**ЖҮЙӨ II** *диал.* Жүзө. *Экинчи жылы Жибек баштапкы оюн жүйөгө ашырууга – сарай салдырууга шашты* («Ала-Too»).

**ЖҮЙӨ ДАЛИЛ** Кайсы бир нерсени далилдөө үчүн келтирилген ой-пикир, факт. *Негиздүү далил. Жүйө далили анча алымсындырбайт.*

**ЖҮЙӨКЕЧ** Бир нерсенин эбин, ыгын өз убагында таап сүйлөгөн, сөздүн жүйөсүн таап, орду, ыгы менен айткан. *Мунун деле жүйөкечин көр,– деди сөзгө жыгылып.*

**ЖҮЙӨКӨР** **жүйөкеч** менен бирдей.

**ЖҮЙӨЛӨ** Сөздүн ылайыгын, жүйөсүн таап айтуу, жөнү бар далил келтирүү. *Жүйөлөп сөз айтканда Чеченди сөздөн тандырган* (Жантөшев).

**ЖҮЙӨЛӨШ** Бири-бирине карата жүйөлүү сөздөрдү, жөнү бар далилдерди келтирүү, айтуу. *Жүйөлөшүп көрөлү, Шегиң болсо айта кой* (Жантөшев). *Үч уруунун лөктөрү айтышып да, жүйөлөшүп да сөзгө келише албай тирешип турушат* (Сыдыкбеков).

**ЖҮЙӨЛӨШТҮР** **жүйөлөш** этишинин аркылуу мамилеси. *Эки бала таарынышып калган экен, аны жүйөлөштүрүп, кайра жараштырып коёлу дегениңиз эң жакшы* (Жантөшев).

**ЖҮЙӨЛӨШҮҮ** **жүйөлөш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮЙӨЛҮҮ** Далилдүү, негиздүү, жөндүү жүйөсү бар. *Жүйөлүү болсо айтканы, Балдардын тилин ала жүр* («Мендирман»). *Атайдын сөзү жүйөлүү чыкты* (Каимов). *Жүйөлүү себептерге карабастан, жөнөп кетүүгө туура келди* (Абдукаримов).

**ЖҮЙӨӨ** *туурасы:* **жүйө.**

**ЖҮЙӨСҮЗ** Орундуу эмес, негизи жок, жүйөлүү эмес. *Жүйөлүү сөз жүйөсүн табат, жүйөсүз сөз ээсин табат* (макал).

**ЖҮЙӨЧҮ** Жүйөсүн таба билген, жүйөсүнө, ылайыгына карата сүйлөп, жөн-жайын ажырата билген, жүйөкеч. *Көп кыйшыңын жүйөчү билет, ичер ашты ээси билет* (макал).

**ЖҮЙӨЧҮЛ** **жүйөчү** менен бирдей. *Жарыбай туруп мунун жүйөчүлүн, – деп Түлкүбек кагып койду* (Жантөшев).

**ЖҮЙРҮК** 1. Жүгүргөнү, жүргөнү ылдам, күлүк. *Жүргөнү шамалдай жүйрүк ат эле* («Ала-Too»). 2. Өтө элпек, тез кыймылдаган, шамдагай. *Кол ташташы жүйрүк экен* (Байтемиров). 3. Чукугандай сөз тапкан, чечен, тили жатык, сүйлөөк, сөзгө чебер. *Шыңкылдаган Калыйман, Сөзгө жүйрүк даанышман* («Семетей»). *Найманбайдын жолдоштору кеп-сөзгө жүйрүк адамдар* (Сыдыкбеков). *Ыгы менен сүйлөгөн Жүйрүктүн баары менде бар* (Тоголок Молдо).

**ЖҮЙҮР** 1. Арасы, аралыгы жакын, жыш, тыгыз (орунга карата). *Анарбек менен Макин экөө дем чыгарбастан, мурдагыдан да жүйүр тарта отурушту* (Абдумомунов). ‖ Мамилеси жакын, ынтымактуу, таттуу. *Улут айырбас дос тутуп, Жүйүр кылган орустар* (Тоголок Молдо). 2. Чукул, бат-бат, өтө тез, удаа-удаа (мезгилге карата). *Койлорду жүйүр төлдөтүү.*

**ЖҮЙҮРТӨ: жүйүртө басып отуруу** Бир бутун тизелеп, бир бутун көчүгүнүн алдына коюп отуруу, сыңар тизелеп отуруу. *Сайкал мешке жакыныраак жерге жүйүртө басып отура кетти* (Элебаев).

**ЖҮК** 1. Ташыла турган, бир жерден экинчи жерге жеткириле турган нерселер, ар кандай буюмдар, таңылчактар. *Боо чечип, үзүк сыйрып жүгүн таңып* (Турусбеков). *Айры өркөч нарга жүк артып, Ак үйүн чечип бут артып* (Үсөнбаев). *Жүк тартып Караколдон кеме жүрдү* (Турусбеков). 2. Үйдүн төрүндө жыйылган жууркан төшөк. *Алты жаздык жүктүн үстүндө катар тизилген* (Сыдыкбеков). *Төркү тактадагы баптап жыйылган жүк текчедей болуп деле жакшы көрүнөт* (Сыдыкбеков). 3. Адамдын башына түшкөн кайгы, азап, оор иш, кыйынчылык, жоопкерчиликтүү милдет. *Айтматовго Дүйнөлүк жүк үйүлүп, Табиятты жандай көрүп сүйүнгөн* (Акматалиев). *Баласы өлүп үшкүрүп, оор жүктү көтөрө албай үйүн көздөй басып кетет* (Турусбеков). *Өз башына жүк болду, Эмгектен тапкан куналы* (Осмонкул). 4. *өт.* Өзү иштебеген, багууда жүргөн, салакасы тийген адам. *Кичинекей жаш балдардын үстүнө колу сынган энем жатып калып, Бурмага дагы жүк, болду* (Элебаев).

**ЖҮК КӨРСӨТӨР** Кызды алып кетер алдында же кыздын себин алып келгенде анын оокатын, буюм-тайымын көрсөткөн адамга кыз алган тараптан берилүүчү көрүндүк акча. *Өргөө жабар, жүк көрсөтөрүбүздү өзүнчө берсин* (Жантөшев).

**ЖҮКТӨ** 1. Унаага жүк артуу, теңдөө, байлап чырмоо, транспортко жүк салуу. *Өгүзгө отун жүктөп жүрдүм сайдан, Жакшы сөз бир укпадым залим байдан* (Барпы). *Эгинди арабага жүктөп жатышат* (Абдукаримов). *Иргелген көмүрлөрдү вагондорго жүктөп жа-*

*тат* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Кайдадыр бир ишти аткарууга милдеттендирүү, жоопкерлигин моюнга тагуу. *Эл жүктөгөн милдетти ыйык сезишет* (Осмонкул). *Чындык бизге ыйык милдет жүктөдү* (Токомбаев). 2. Бир нерсени бирөөгө шылтап түртө салуу, оодаруу. *Жамандыктын баарын мага жүктөп, өзү таза киши болду* («Ала-Тоо»).

**ЖҮКТӨЛ жүктө** этишинин туюк мамилеси. *Төөлөргө жүк жүктөлбөйт, ком болбосо* (Барпы).

**ЖҮКТӨМ** 1. Кайсы бир аппарат, түзүлмөнүн иштетилиш даражасы, чеги. *Электр жылыткычынын иш жүктөмү.* 2. Кайсы бир ишке байланышкан тапшырма, милдеттенме. *Депутаттык иш жүктөмү.*

**ЖҮКТӨН жүктө** этишинин өздүк мамилеси. *Таңылчактарын жүктөнүп бүтүү.*

**ЖҮКТӨӨ жүктө** этишинин кыймыл атоочу. *Силер бүгүн дан жүктөөдө иштегиле* (Абдукаримов).

**ЖҮКТӨТ жүктө** этишинин аркылуу мамилеси. *Тоюттарды атка, төөгө жүктөтүп, Акбар менен Амантур кечке жакын кетти* (Убукеев).

**ЖҮКТӨШ жүктө** этишинин кош мамилеси. *Сабыр Кемелдин тегирменге алып баруучу эгинин жүктөшүп койду.*

**ЖҮКТҮҮ** 1. Жүк артылган, жүгү бар, жүк салынган. *Бурма жүктүү бээге минип эки баланы учкаштырып алган* (Элебаев). 2. Боюнда бар, кош кабат, бооз. *Кумрухан жүктүү болуп калыптыр* (Абдукаримов).

**ЖҮКЧҮЛ КАРА ИНГЕН** *өт.* Эч талбаган, түйшүктүн баарын көтөргөн. *Анын оюнда аял деген кың дебей баарын көтөргөн жүкчүл кара инген деп да түйчү* (Ашымбаев).

**ЖҮЛ** Килем, килемдей согулган кап, жабуу. *Кайчы кабын жүл кылган, Кармаган үйүн гүл кылган* (Эл ырлары).

**ЖҮЛГӨ** Жок болгон, ураган нерсенин орду, нугу, изи. *Талкалаймын барысын, Тамынын койбой жүлгөсүн* («Манас»).

**ЖҮЛЖҮГҮЙ** Бүтүгүй көз, көзү жүлжүйгөн. *Ысактын дайыма чылпактанып жүрүүчү жүлжүгүй кысык көздөрү жылтырай баштады* (Абдукаримов).

**ЖҮЛЖҮЙ** Көз кеңири ачылбай бүтүйгөн көрүнүштө болуу, көз чала ачылыңкы түрдө карагандай бүрүшкөн абалда болуу. *Осмондун көзү жүлжүйө майланышып, ал эрдин тиштене тамшанып алды* (Айтматов).

**ЖҮЛЖҮЙТ жүлжүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Мыкты көзүн жүлжүйтүп, тигини түз эле коркутуп кирди* (Касымбеков).

**ЖҮЛЖҮЙҮҮ жүлжүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮЛЖҮК** Жүлжүгүй, жүлжүйгөн. *Тигил, чолок мурут, Жүлжүк көз жардыргыч Шаатемир* (Сасыкбаев).

**ЖҮЛЖҮҢ** Жүлжүгүй көздүн көрүнүшүн же бир нерсени жүлжүйө карагандагы көздүн элесин билдирүүдө колдонулат. *Жүлжүң-жүлжүң этип бир нерсеге көз чаптыруу*

**ЖҮЛЖҮҢДӨ** Көзүн жүлжүйтө кароо, жүлжүң-жүлжүң этүү. *Эмнени жүлжүңдөп карадың* (Токомбаев).

**ЖҮЛЖҮҢДӨӨ жүлжүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮЛЖҮҢДӨТ жүлжүңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Акмат төшүн жагжайтып ачып коюп, сур көзүн жүлжүңдөттү* (Байтемиров).

**ЖҮЛҮН** Адамдардын, жаныбарлардын борбордук баш мээсине туташып моюн, арка омурткаларынын көңдөйүнөн орун алган мээ сыяктуу заты бар нерв системасы. *Мамбет колундагы толтолуу ак бычак менен омуртканын жүлүндөрүн кести* (Осмоналиев).

**ЖҮЛҮНГӨ ЖЕТҮҮ** Абдан катуу тийүү, жанына батуу, ачуусун, ызасын келтирүү. *Асылдын ушул сөзү жүлүнгө жетти* («Ала-Тоо»). **В.: Жүлүнгө тийүү.** *Бул ойноп айтылган сөз болгону менен, жүлүнгө тиет* («Чалкан»).

**ЖҮЛҮНГӨ САЙГАНДАЙ** Кыжырын келтиргендей, ачуусуна тийгендей, кокусунан катуу чочуп кеткендей. *Аны укканда жүлүнгө сайгандай болду. Анын сөзү жүлүнгө сайгандай катуу тийди* («Ала-Тоо»). **В.: Жүлүндү куйкалагандай.** *Тапкан сөздөрүн кара, жүлүндү куйкалагандай* (Бейшеналиев). **Жүлүндү өрттөгөндөй.** *Анын жүлүнүн өрттөгөндөй сөздөр айтылды* (Бейшеналиев).

**ЖҮЛҮНДӨЙ** Ичке, созулган, чубалжыган. *Бирин-серин гана жүлүндөй созулган көк түтүндөр* (Сыдыкбеков). *Саздактан сызылып аккан жүлүндөй булактар азыр Динардын көз алдына келди* (Сыдыкбеков).

**ЖҮН** 1. Айбандардын, канаттуулардын бүт денесин каптап туруучу, адамдардын денесине аздап чыгуучу ичке жипче сыяктуу майда түктөрдүн жалпы наамы. *Уяң жүн. Кылчык жүн. Куштун жүнү. Топоздун жүнү. Тооктун жүнү. Койдун жүнү. Даакы жүн. Жогдор жүн. Саңоор жүн.* ‖ *Ак жибектей кере карыш жүндөрү, Аппак, кара жүндөрүнүн түрлөрү* (Осмонкул). *Уйларыңа күчтүү тоют жем керек, Көп эттенсе кундуз жүнү сеңселет* (Осмонкул). *Үңүлдөгөн үн калды, Үксөйүп сакал жүн калды* («Эр Төштүк»). *Тоту куш кооз көрүнөт, Миң кубулган жүн менен* (Осмонкул). 2. Малдын, асыресе койэчкинин ар кандай кездемелер токуу, тиричиликте керектөө, өндүрүштө иштетүү ж.б. максаттарда пайдалануу үчүн кыркып алынуучу түгү. *Жүнүн сабап, чийин чырмап ар кимден, Сен элең го бир кезекте эзилген* (Турусбеков). *Ар бир койдон кыркында, Төрт жарым килден жүн алды* (Үсөнбаев). 3. Ушундай материалдын негизинде жасалган буюмдарды билдирүүдө колдонулат. *Айгүл башындагы кара боз жүн жоолугун оңдой салынды* (Жантөшев). *Асанбайдын жүн*

*мээлейи колун анчалык жылыта алган жок* (Байтемиров).

**ЖҮН САБОО** Жип ийрүү, аркан эшүү, кийиз жасоо, жууркан төшөк каптоо иштеринин башталышы, жүн иштетүүнүн алгачкы этабы.

**ЖҮНДӨ** Жүнүн жулуу. *Уйлардан жүндөп топ жасоо.*

**ЖҮНДӨЙ** Жүнгө окшош, жүн сыяктуу. *Жүндөй жумшак. Жүндөй ичке.*

**ЖҮНДӨЙ САБОО** Абдан катуу тепкилөө, кордук көрсөтүү, көптөп былчылдата сабап кетүү. *Саякатчынын төртүнчү атасы кол алдындагыларды балчыктай тебелеп, жүндөй сабайт* (Осмоналиев). *Маа десе жүндөй сабап, теридей тепкилеп Кызыл-Сууга салышсын* (Абакиров). **В.: Жүндөй тытуу.** *Болбосо сени жүндөй тытышат бул мыкаачылар* (Осмоналиев). *Аз убакыттын ичинде эле Шураны жүндөй тытып жиберишти* (Укаев). **Талпактай сабоо.** *Колдорун артына байлап, талпактай сабаганда, келтекке ууккан жаштар миз бакпай карап турушту* (Осмоналиев).

**ЖҮНДҮҮ** Жүнү бар, жүнү калың, жүнү көп. *Бут эле уяң жүндүү койлор, кылчык жүндүүлөрдөн ырым кыларга бирөө жок* (Абдумомунов). 2. Түктүү, түк каптаган. *Акмат жүндүү төшүн жалжайтып, ачып коюп сур көзүн жүлжүңдөттү* (Байтемиров).

**ЖҮНДҮҮЛҮК** Жүндү көп берүүчүлүк, жүнү көптүк, жүнү жагынан болгон сапат. *Койдун эттүүлүгүн жана жүндүүлүгүн арттыруу.*

**ЖҮНСҮЗ** 1. Жүнү жок, жүнү кыркылган. 2. Жүндү аз берген, жүнү коюу эмес. *Жүнсүз койлор жоголду.*

**ЖҮНҮ ЖАТА КАЛУУ** Жага бербей калуу, көңүлгө жага түшүү, оюндагысындай, ойлогонундай болуп кым дей түшүү. *Оңой жерден табылган олжого анын жүнү жата калды* (Жантөшев). «*Булар түшүнүктүүсүн жакшы көрөт окшойт» деген ой көңүлүнө кылт эте түшкөндө, Каныбектин жүнү жата калды* (Жантөшев). *Кесебир-кескилер, тыңчылар жөнүндө жазылган адабияттарды көргөндө жүнү жата калчу. Бул ой көңүлүнө кылт эте түшкөндө Каныбектин жүнү жата калды* (Жантөшев).

**ЖҮНҮ ТЕСКЕРИ АЙЛАНУУ** Аябай каарын төгүү, жаалдануу, түнөрүү. *Алымбай Накенге тигилди. Абышка таштай каткан. -Жүнүң тескери айланыптыр... кеттим, – деди Алымбай* (Жоошбаев). **В.: Түгү тескери айлануу.** *Букендин түгү тескери айланып, зиркилдеп калыптыр* (Сыдыкбеков).

**ЖҮНҮ ТИРҮҮ** Тың, бышык, чыйрак, тетик. *Ким билет, келиндин жүнү тирүү эле көрүнөт, билбесе үйрөтүп аларбыз* (Абдукаимов). *Жүнү тирүү, такылдаган кара жалпакка Токтогулдун да назары түшө сүймөнчүгү артты* (Бейшеналиев). *Жүнү тирүү кыздын ачык, мукам үнү чыкты* (Осмоналиев). **В.: Эти тирүү.** *Адам болуп кете алар, эти тирүү бала көрүнөт* (Жантөшев).

**ЖҮНҮН ЖЕЙТ** Абдан көп, сан жеткис, быкылдайт, жайнайт. *Улар, кекилик, чил өңдүү куштар жүнүн жейт* (Сасыкбаев). *Курулушта машиналар тим эле жүнүн жейт* (Сарногоев). *Анан калса, бүгүн тегирменге буудайларын жүктөнүп түшкөндөр жүнүн жейт* (Бейшеналиев).

**ЖҮР** 1. Бир жакты көздөй басуу, кадам шилтөө, багыт алуу, бастырып чыгуу, транспорт менен жөнөө, сапар тартуу, жолдо болуу. *Адымдап ыкчам жүрөлүк* (Бөкөнбаев). *Катуу жүрбөй, жай жүрүп, Келди Курман жууктап* («Саринжи-Бөкөй»). *Араба менен жүрчү эле, Семиздиктен баса албай* (Маликов). *Кечке жүрдүк, адыр, белес, дөң бастык* (Токомбаев). 2. Барууга, бирге жөнөөгө ж.б. чакыруу иретинде колдонулат. *Ким болсоң да үйгө жүрчү* (Сыдыкбеков). *Жүр, кино башталганча үйгө кирип олтуралык* (Сасыкбаев). *Эй, балдарым, кайдасыңар, жүргүлө!* (Токомбаев). 3. Кандайдыр бир жерде болуу, туруу, жашоо. *Көр азабын көрүптүр, Жети жыл анда жүрүптүр* («Манас»). 4. Иштелүү, аткаруу процессинде болуу. *Зор иштер жүрүп жатат* (Сыдыкбеков). 5. Бирөөгө жалданып иш иштөө, жалданып жумуш кылуу. *Малай жүрдүм жалданып, Чоң курсак байга алданып* (Бөкөнбаев). 6. Бир нерсенин ордун алмаштыруу, ага барабар келүү, анын ордуна колдонулуу. *Кой ордуна жүргөн козу. Арзан баага жүрдү. Эгин акча ордуна жүрдү.* 7. Транспорт, механизмдер ж.б. кыймылга келүү, иштөө. *Машина жүрсө бүлкүлдөп, чаң чыгат жолдон бурулдап* (Мидин). *Токтобостон жүрө берди тегирмен* (Токомбаев) 8. Суу, жаан, сел ж.б. каптоо, катуу агуу. *Балгарттын суусу кириптир, Башынан кыян жүрүптүр* («Эр Табылды»). *Өкүрүп тентек суу жүрсө, Өзөндүн көркүн сай берет* (Токомбаев). 9. Агымда болуу, согуп туруу. *Бир кезде туман өйдө көтөрүлүп, Кар учуп, борошолоп шамал жүрүп* (Шүкүрбеков). 10. Көңүлү жакын болуу. *Анын аялы менен жүрүп алыптыр деген ушак.* 11. Шахмат, шашка, тогуз кумалак, карта ж.б. оюндарында фигураларды жылдыруу, оюнга аралашып жүрүшкө ылайык жооп берүү, жооп кайтаруу. *Он биринчи жүрүштө актар атты жүрдү.* 12. Белгилүү бир абалда, жагдайда, жүрүш-турушта болуу. *Каникулга чыктык деп, Бош жүрбөйлү айылда* (Осмонкул). *Адам сүйгөн ишинде жүрсө көңүлү ачылса керек* (Сыдыкбеков). *Жакшы жүрүп үлгү алгын. Арааны жүрдү.* 13. Бар болуу, болуу. *Ташы жүрөт, ташын бирден терейин, Мыя жүрөт, мыяларын элейин* (Осмонов). *Көңүлүндө Пушкин жүргөн* (Маликов). 14. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Жолоочу айланчыктап басып жүрдү* (Токомбаев). *Кайгырып жүрөм сен*

*үчүн капалуу болуп бул жайда* (Үсөнбаев) *Акын Током сөзү деп, Айтып жүр сөздү баштарда* (Токтогул).

**ЖҮР-НАРЫГА САЛУУ** Кайдыгерлик, көңүл коштук менен эптеп-септеп бүтүрө коюу, көздөн далда кылуу. *Жүр-нарыга салбастан, сапаттуу иштеп көңүлө* (Осмонкул). *Ошондо биздин колхоздо уятсыз жүр нарыга салчулар эски журтта улуп калган күчүктөй болушар* (Жантөшев). *Ал кендин жумушуна кайдыгерлик менен карап, жүр-нарыга салууга өттү* (Сасыкбаев).

**ЖҮРГӨН ЖЕРИНЕ ЧӨП ЧЫКПОО** Дайыма бузукулук иш жасап, ушак-айың кеп чыгарып ырк бузуу, бирин-бирине чабыштырып чыр чыгаруу, жөн, тынч жүрө албай шумпайлануу. *Андай митаамдардын жүргөн жерине чөп чыкпайт* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРГҮЗ жүр** этишинин аркылуу мамилеси. *Суусуз чөлдү гүлдөтүп, Суу жүргүзгөн киши ошол* (Бөкөнбаев).

**ЖҮРГҮНЧҮ** Жол жүрүп бараткан адам, жолоочу. *Шөлпүлдөтүп желдиртип салт аттуу жүргүнчүлөр көрүнгөн* (Сыдыкбеков). *Жыйырма төрт кишилик автобуска жүргүнчүлөр жык толду* (Бейшеналиев).

**ЖҮРДӨӨК** 1. Тез жүргөн, өктөм, жүрүшү мыкты (унаага карата). *Жүрдөөк жылкы. Жүрдөөк ат.* 2. Жайылганда, оттогондо алдыга түшүп алып, артынан башка малды ээрчитип кете берүүчү, бир жерге токтоп турбай кете берүүчү, баштаак. *Кула бээ жүрдөөк эле, жылкы алыс кетип калат, тушап койчу* («Ала-Тоо»). 3. Аягы суюк, ойношчул. *Жүрдөөк эркек.*

**ЖҮРМӨ: сары жүрмө** Уйдун майлуу жоон ичегиси. *Колго суу куюлуп табакта бууланып сары жүрмө, сүр келди* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРМӨЛ** Басыктуу, басыгы ылдам. *Жүрмөл жылкы.*

**ЖҮРӨ-ЖҮРӨ** Бара-бара, улам барган сайын, акырындап. *Көч жүрө-жүрө түзөлөт* (макал).

**ЖҮРӨГҮ АГАРБОО** Көңүлү калуу, жек көрүү сезими пайда болуу, эч кечире албоо, *Курумбай кудасына берген сөзүн жокко чыгарган Осмонкулга эми жүрөгү агарбай калган* (Өгөбаев). **В.: жүрөгү жибибөө.** *Ошондон кийин Айнанын күйөөсүнө жүрөгү жибибей койду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЖҮРӨГҮ АЙЛАНУУ** Кускусу келүү, окшуй тургандай болуп, өзүн начар сезүү, жипкирүү. *Жүрөгүм айланып, башымды көтөрө албай жатам* («Ленинчил жаш»). *Жүрөгү айланып, окшуганы араң турат.* **В.: Жүрөгү айнуу.** *Эмнегедир жүрөгүм айнып турат, – деп, чекесин басты* («Ала-Тоо»). **Жүрөгү аңтарылуу.** *Ай, үйдө ким бар? чылапчын алып чык жүрөгүм аңтарылып кетти!* (Байтемиров). **Жүрөгү көтөрүлүү.** *Көңүлүм караңгылап, жүрөгүм көтөрүлүп турат* («Ала-Тоо»). **Көңүлү айнуу.** *Көңүлүм айнып, жипкире баштадым.*

**ЖҮРӨГҮ АЙРЫЛУУ** Аябай сүйүнгөндө же катуу коркkондо апкаарыган, элеп-желеп болуп өтө толкундаган абалда болуу. *Силерди аман көргөндө, Жүрөгүм кетти айрылып, балдар!* («Эр Төштүк»). *Жүрөгүм чочуп айрылып, жүдөдүм жаман кайгырып* (Калык).

**ЖҮРӨГҮ АК** Жүрөгүндө кири жок, арамдыгы, эч арам ою жок, көңүлү таза. *Жүргөн-турганынан оройлук сезилген менен жүрөгү ак бечаралар акыйкатты, адамгерчиликти ыйык тутушкан* (Ашымбеков).

**ЖҮРӨГҮ АЛКЫМЫНА КАПТАЛУУ** *к.* **жүрөгү оозуна тыгылуу.**

**ЖҮРӨГҮ АЛКЫМЫНА КЕПТЕЛҮҮ** *к.* **жүрөгү оозуна тыгылуу.**

**ЖҮРӨГҮ АЛЫП УЧУУ** Кандайдыр бир кооптуу же кубанычтуу нерсени күткөндөй тынчсыздана берүү, көңүлү эргип, токтоно албай, алеп-желеп болуу. *Жүрөгү алып учуп, өзүнөн-өзү ээликкен Батийна айылда ыйлапсыктаган катын-калачтын арасында калалбай баягы ойсоктогон кер бээни жетелеп келип токунду* (Сыдыкбеков). *Көңүлүм көптү санатат Алып учуп жүрөгүм* («Семетей»). *Турсун кубанып, жүрөгү алып учуп, апкаарый түштү* (Сасыкбаев).*Көзүм тартып болкулдайт, Көңүлүм көптү саматат, Алып учуп жүрөгүм* («Семетей»). **В.: Жүрөгү туйлоо.** *Жүрөгүм туйлап, эки-үч ирет эңкейип карасам да эч нерсе көрүнбөдү* (Жантөшев). *– Куттуктайм! – Кыздын алаканы ысык эле. Ошол жылуу илепке Ашырбектин жүрөгү туйлап кетти* (Ашымбаев).

**ЖҮРӨГҮ АТЫП КЕТҮҮ** Күтүлбөгөн жерден, капысынан боло калган кубанычтуу же коркунучтуу нерсеге карата катуу таасирленүү, апкаарып алдастай түшүү. *Кубанган жүрөгүм атып кетти өңдөнөт. Аны укканда бечара эненин жүрөгү атып кетти го?* («Ала-Тоо»). **В.: Жүрөгү болк дей түшүү.** *Чоконун жүрөгү болк дей түштү* (Жантөшев). *Байымбеттин жүрөгү болк дей түшүп, өзүнүн Сейдешин эскере мууну бошой имерилди* (Бейшеналиев). **Жүрөгү болкулдоо.** *Мен дагы догдур же маалим экен деп, жүрөгүм болкулдап, жаным калсачы* («Чалкан»). **Жүрөгү кабынан чыгуу.** *Алымкулдун бүрсүгүнкү жөнөй турганын угуп, Гүлайымдын жүрөгү кабынан чыгып кете жаздады* (Абдукаримов). *Менин жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй катуу сого баштады* («Ала-Тоо»). **Жүрөгү болк этүү.** *Алардын карааның көргөндө жүрөгүм болк этип кетти* («Ленинчил жаш»). *Ок чуу этип кулагымдын жанынан өтүп кеткенде «кудай сактаа, бөйдө өлүм боло жаздадым ээ», – деп, жүрөгүм болк эте түштү* (Бейшеналиев). **Жүрөгү солк дей түшүү.** *Ал жигит жакындап келгенде Сатардын болбой чыгышына Сабиранын жүрөгү солк дей түшүп, денеси дүркүрөдү*

(Алыбаев). **Жүрөгү селт дей түшүү.** *Макмалдын жүрөгү селт дей түшүп, кызына жайындагы Кетмен-Төбөлүк жаш ырчынын көңүлү түшүп кеткенин, баягы Жеңижок акундун кепке тартканын эстеди* (Касымбеков). **Жүрөгү солк этүү.** *Көзү көзүнө бир урунуп, Беделбайдын жүрөгү солк этти* (Касымбеков).

**ЖҮРӨГҮ АЧЫШУУ** Бир нерсеге аябай кайгыруу, капа болуп туталануу, жүрөгү сыздоо. *Бакенин эстегенде мына ушул сүйүнүчкө аралаш жүрөгү ачышып кетет* (Өмүрбаев). *Бул саам ызалана айлык акы доолаганына жакшы эле токтоо Шволиктин жүрөгү ачышты* (Ашымбаев).

**ЖҮРӨГҮ БАЙЛАНУУ** Жакшы көрүү, берилүү, жактырып имерчиктеп калуу. *Ак эркем ошондо он беште экен, даланын кызыл гүлкайырындай ачылып калган кези экен, көрүп жүрөгүм байланып калды* (Касымбеков).

**ЖҮРӨГҮ БӨКСӨРӨ ТҮШҮҮ** Санаасы тынып, эс ала түшүү. *Чынарды карасам денесин мотурайтып сопсонун болуп уктап жатыптыр, ошондо жүрөгүм кичине бөксөрө түштү* (Бердикеев). **В.: Жүрөгү ылдыйлоо.** *Чоң атасы бакка киргенде Сабырдын жүрөгү ылдыйлап, а тургай корккону билгизбейин деди* (Жусупов).

**ЖҮРӨГҮ БҮТҮН** Санаасы тынч, эч кайгы-капасы жок. *Башы жумуру пенденин күңгү-рөнбөй өткөнү, жүрөгү бүтүнү бар дейсизби?* (Укаев).

**ЖҮРӨГҮ ДААБОО** Батына албоо, кооптонгон, тарткынчактаган абалда болуу. *Эшикти ачып карооого жүрөгү даабады* (Жантөшев). *Кундуз демин ичине жыйып, жакшы эле бир нерсе айтмакчы болот, бирок, кайра эле ошого жүрөгү даап бара албай оозун жыйып алат* (Акматов).

**ЖҮРӨГҮ ЖАРАЛУУ** Кайгылуу, капалуу, санаалуу, абдан оор кайгысы бар. *Ал бечаранын жүрөгү жаралуу болуп калды* («Ленинчил жаш»). *Качан жаралуу жүрөгүбүздү айыктырасыңар.*

**ЖҮРӨГҮ ЖАРЫЛА ЖАЗДОО** Өтө сүйүнүп же катуу коркуудан аябай толкундоо, абдан алдастоо, апкааруу абалына карата. *Бек армиядан келгенде Жыпардын жүрөгү жарыла жаздаган* (Каимов). **В.: Жүрөгү жарылып кете жаздоо.** *Кожокенин үнүн укканда Кудайбергендин жүрөгү жарылып кете жаздады* (Сыдыгалиев). Жүрөгү ыргып кете жаздоо. *Акнаардын жүрөгү ыргып кете жаздайт* (Осмоналиев).

**ЖҮРӨГҮ ЖИБҮҮ** Ийигүү, жакшы көрүү, ыраазы болуп калуу. *Ага жүрөгүм жибип калды. Аны көргөндө эле жүрөгүм жибиди, Ушунун себебин Жаманкулдан көрүп, жүрөгү жибип, ичи-тышы бирдей даалдаган жигитти анык боорундай көрүп жүрөт* (Өгөбаев). **В.: Жүрөгү жылуу.** *Кыз босогодон көрүнгөндө Осмонкулдун жүрөгү жылый түшүп, өзүнө көптөн тааныш кымбат адамын көргөндөй болду* (Өгөбаев). *Алардын эмгеги бөтөнчө ачык пейилдүүлүгүн белгилеп... келген адамдардын жүрөгү жылыды* (Байтемиров). **Жүрөгү ысуу.** *Ошентип, Тазабектин тиги экөө үчүн муздап жүргөн жүрөгүнүн бир чети жанагыдай мамиледен улам ысып калат* (Медетов). – *Иш оңунда! –Нүзүптүн жүрөгү ысып кетти* (Касымбеков).

**ЖҮРӨГҮ ЖОК** 1. Коркок, өтүмү жок, кайратсыз. *Болуптур эмесе, жүрөгү жок коркоктор* (Каимов). *Жүрөгү жок кургандар, Качып берип сайдырар* («Эр Табылды»). – *Айрөк, айрөк, кыз менче жүрөгү жок, балбан туруп* (Бейшеналиев). 2. Ырайымсыз, таш боор. – *О, – о журт, ансыз да бөлүнүп-чабылып бүтүк. Бу жүрөгү жок канкорлор элдин убалынан коркобу? Абайлап, аялдагыла. Анан көрө жатаарбыз* (Бейшеналиев).

**ЖҮРӨГҮ ЖЫЛУУ** *к.* **жүрөгү жибүү.**

**ЖҮРӨГҮ ЖЫЛЫБОО** Жакшы көрбөө, ийикпөө, такыр берилбөө. *Жоошуй түшкөн менен Айнагүлдүн жүрөгү жылыбады* (Сыдыкбеков).

**ЖҮРӨГҮ ЗЫР ДЕЙ ТҮШҮҮ** Кандайдыр бир коркунучтуу же кайгылуу нерсени эстегендей, оюна түшүргөндөй өзүн начар сезип, тынчы кете түшүү, сары санаа болуу. *Токой менен чоң суу коркунучтуу. «Жалгыз кантип өтөмүн?» – деген суроо көңүлүнө келе калганда жүрөгү зыр дей түштү* (Каимов). **В.: Жүрөгү зырп эте түшүү.** *Кемпирдин бир сөзүнөн улам эмнегедир Мыскалдын жүрөгү зырп эте түштү да, өңү өзгөрүп кетти* (Элебаев). **Жүрөгү зыр этүү.** *Булутту тиктеп телмирген Адылбектин жүрөгү зыр этип, ачышып калат далайга* (Өмүрбаев). **Жүрөгү зил болуу.** *Өзү мурунтан күдүк болгон абал туулуп, жумушчулардын каарданган толкуну күчөгөндө Бугимовдун жүрөгү зил болду* (Сасыкбаев).

**ЖҮРӨГҮ КАБЫНАН ЧЫГУУ** *к.* **жүрөгү атып кетүү.**

**ЖҮРӨГҮ КАЛТЫРОО** Катуу коркуу, жүрөксүү. *Айзааданын жүрөгү калтырап, бирок, колун силкип ала албады* (Касымбеков).

**ЖҮРӨГҮ КАЛУУ** Бир нерседен катуу коркуп же тажап көргүсү келбөө, жалкуу, жалкоотой болуу, экинчи кайрылгыс, кайталагыс болуу. *Өөдө жерде майышкан, жүрөгү калган сайыштан* («Манас»). **В.: Жүрөгү кайт болуу.** *Мындай бир окуядан жүрөгү кайт болгону бар* (Ашымбаев). **Жүрөгү кайтуу.** *Экөө тең жаш. Экөөнүн тең жүрөктөрү кайта элек* (Осмоналиев).

**ЖҮРӨГҮ КАНОО** Жаны кейүү, кайгыруу. *Булар үчүн жүрөгү канап отурган ушул кемпир – Мандаштын кемпири Күлкан* (Өмүрбаев). *Ысыгы-сууктан жарылып канталаган кызынын жумуру балтырын кыяк чөп кесип кеткенине эненин жүрөгү кошо канап жалбарат* (Акматов). **В.: Жүрөгү**

**мыкчылуу.** *Жоголуу жышаанасын кабардаган жаман белги болуп кишилердин жүрөгү мыкчылды* (Сыдыкбеков). **Жүрөгү куушурулуу.** *Ишенсең сенин тааныш карааның менден алыстаган сайын жүрөгүм куушурулуп баратты* (Сайдуллаев).

**ЖҮРӨГҮ КАРА** *к.* **кара жүрөк.**

**ЖҮРӨГҮ КАРАЮУ** *к.* **өзөгү караюу.**

**ЖҮРӨГҮ КӨТӨРҮЛҮҮ** *к.* **жүрөгү айлануу.**

**ЖҮРӨГҮ КҮЙҮҮ** Катуу кайгыруу, капалануу, ичи уйгу-туйгу болуу. *Айланчыктаар кишим жок, Жүргөн балам сен кетип, Жүрөгүм күйүп болду чок* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жүрөгү күйүп өрттөнүп, Жаны ачып, жаман болду дейт* (Үсөнбаев).

**ЖҮРӨГҮ КУРЧ** Өтүмдүү, эч нерседен тайманбаган, тартынбаган, эч кайра тартпаган. *Анда анын жүрөгү курч кези. – Э, анын жүрөгү курч да* (Сыдыкбеков). *Буга жанагылардай жүрөгү курч, жалынга толгон жаштар керек* (Эралиев).

**ЖҮРӨГҮ МАЙЛУУ** *к.* **жүрөгүндө кара жок.**

**ЖҮРӨГҮ МОКОО** Баштагыдай өткүр, өтүмдүү боло албай, жалтак, коркок болуп калуу, тарткынчыктап, жалтайлап качып калуу. *Жүрөгүм мокоп калыптыр.*

**ЖҮРӨГҮ МУЗ** Мээримсиз, боору жок, кайрымы жок, таш боор. *Эгерде ал дити супсак, жүрөгү муз адам болсо, Данияр азыр минтип ырдай албайт эле* (Айтматов). **В.: Муз жүрөк.** *Согум союшчудай шымаланышкан төрт-беш жигитине буйрук берген тигил муз жүрөк Адыке* (Сыдыкбеков).

**ЖҮРӨГҮ МУЗДОО** Көңүлү калуу, жаман көрүү, жек көрө баштоо, ичи жылыбоо. *Жеңелери канча алаксытып, канча жооткотушса да, Батийнанын жүрөгү муздагандан муздады* (Сыдыкбеков). **В.: Жүрөгү муз болуу.** *Жанатан ажаандай жалаңдап качырган каракчылардан анча чочубаган Зууракан эми алсыз, аргасыз, каруусуз эзилип ыйлаган өз эринин тигил кебетесин көргөндө жүрөгү муз болду* (Сыдыкбеков). **Ичи муздоо.** *Энемдин ошол тамаша сөзү эсиме түшө калганда, көпкө чейин ичим муздай түшүп жүрдү* (Убукеев).

**ЖҮРӨГҮ ОЙНОО** *к.* **жүрөгү туйлоо.**

**ЖҮРӨГҮ ООЗУНА КАПТАЛУУ** *к.* **жүрөгү оозуна тыгылуу.**

**ЖҮРӨГҮ ООЗУНА КЕЛҮҮ** *к.* **жүрөгү оозуна тыгылуу.**

**ЖҮРӨГҮ ООЗУНА ТЫГЫЛУУ** Капысынан, байкоосуздан боло калган кооптуу нерседен, угулган кабардан улам катуу коркуп кетүү, эмне кыларын билбей апкаарый түшүү. *Ачкыччы калтырады, көзү алайып, жүрөгү оозуна тыгылды* (Жантөшев). *Алымдын кумсарган өңүн көрүп, Анархан менен Дарыяхандын жүрөктөрү оозуна тыгылды* (Жантөшев). *Уулжандын жүрөгү оозуна тыгылып, уйпаланган чачын жыя албай будаланды* (Каимов). *Какач бейтааныш адамды көрүп жүрөгү оозуна тыгылды* (Жоошбаев). **В.: Жүрөгү оозуна капталуу.** *Адегенде мышыкпы деп шек санап, жакындан байкаганда гана жүрөгү оозуна капталып, дароо телефон чалган тура. Эргештин жүрөгү оозуна каптала түштү* (Миялиев). **Жүрөгү оозуна кептелүү.** *Бирок, талаанын четине жеткенде, жүрөгү оозуна кептелип кайсалап калды* («Ала-Тоо»). *Жылдызкандын жүрөгү оозуна кептелет* (Байтемиров). **Жүрөгү оозуна келүү.** *Жүрөгүм оозума келип, башым айланып кетти* (Абдукаримов). **Жүрөгү алкымына капталуу.** *Бүткөн боюм дүр дей түшүп, жүрөгүм алкымына капталды* («Ала-Тоо»). **Жүрөгү алкымына кептелүү.** *Ышкынаалынын жүрөгү алкымына кептелди* (Байтемиров). **Жүрөгү алкымына тыгылуу.** *Акбаланын жүрөгү алкымына тыгылды* (Укаев). *Өх, жүрөгүм алкымыма тыгыла түшпөдүбү...* (Медетов).

**ЖҮРӨГҮ ОПКОЛЖУУ** Кандайдыр бир жаманчылыкты, жаман кабарды сезгендей, өзүнөн-өзү кооптонгондой, сестенгендей абалда болуп, тынчы кетүү, токтоно албай корко берүү, санаркоо. *Асалхандын көз карашынан улам бир шумдуктун белгисин сезгендей, Анархандын жүрөгү опколжуй баштады* (Жантөшев). *Айнанын жүрөгү жанагыдан бешбетер опколжуду* (Жоошбаев). **В.: Жүрөгү окторулуу.** *Жүрөгүм бир түркүн окторулуп кетти да? –деди Акинайга* (Осмоналиев).

**ЖҮРӨГҮ ОРДУНА КЕЛҮҮ** *к.* **жүрөгү бөксөрө түшүү.**

**ЖҮРӨГҮ ОТ** *к.* **жүрөгүндө оту бар.**

**ЖҮРӨГҮ ӨЛҮҮ** Абдан катуу коркуп, жалкып, жалкоотой болуп калуу, баш көтөргүс, бир нерсени экинчи кайталагыс болуу. *Запкыдан, кырсыктан жедеп жүрөгү өлүп бүткөн келин башындагы бактысына ишенип-ишенбей кыйды болуп турган чакта капыстан кырсык басты да, кайрадан үйүнө каран түн түштү* (Акматов). *Колго түшкөн жаралуу баатырдын жүрөгү өлгөн экен деп, атчан эки жигитке айдатып айлына жөнөтөт* (Каимов). *Турмуштун запкысына аябай жүрөгү өлүп калган көрүнөт* (Абдукаримов).

**ЖҮРӨГҮ СЫЗДОО** Абдан катуу кайгыруу, капа болуу, кайгыга батуу, кейүү. *Мезгил да ырын ырдап, ыйын ыйлап, жакшысына кубанып, жаманына жүрөгү сыздап өтөт* (Өгөбаев), *Үч жашар балага ок жаңылганын угуп жумушчулардын жүрөгү сыздады* (Ашымбаев). **В.: Жүрөгү сабылуу.** *Акын Калпа ажынын канкордугун өкүмөт өкүлүнүн оозунан угуп, кыжыры кайнай, жүрөгү сабыла кабылдоодо* (Бейшеналиев). **Жүрөгү сыйрылуу.** *«Топчубайым болсо кана?! Сүйүнүп ала барып бербейт белем...», – деп жүрөгү сыйрылды Токтогулдун* (Касымбеков). **Жүрөгү тилинүү.** *«..Э, кыйды түлкүнү серпем деп келип, журттагы куу казык-*

*ка тийип жарылган бүркүт болдум...», – деп жүрөгү тилинди* (Касымбеков). **Жүрөгү тызылдоо.** *Аргасыздан ата кетти жүрөгү тызылдап, бала калды боору катып солуп ыйлап* (Касымбеков). *Мындай абалга кандайынча кабылганын эскерсе, жүрөгү тузга чылангандай тызылдайт* (Бейшеналиев).

**ЖҮРӨГҮ ТАЗА** Көңүлүндө кири жок, ак пейил, эч арамчылык ойлобогон. *Менин жүрөгүм таза эле. Жапаш менен бирге өмүр сүрүп, эл үчүн эмгек сиңирсем дечү элем.* (Жантөшев).

**ЖҮРӨГҮ ТАШ** Катаал, ырайымсыз, кара мүртөз, боору таш, таш боор. *Эзели жибибеген жүрөгү таш адам* («Чалкан»). *Жаңы кайрат кирип, ошол замат кимдир бирөөгө жүрөгү таш болуп, кекке толуп, башын көтөрүп, кайра жээкке чыкты* (Касымбеков). **В.: Таш жүрөк.** *Таш жүрөк, жанкечти Заарбектин жаалына чыдабай Таластан Анжиянга кире качкан* (Осмоналиев). *Күүгө эрибеген адам болбойт дечү эмес беле. Таш жүрөк немелериби* (Бейшеналиев).

**ЖҮРӨГҮ ТИТИРӨӨ** Кандайдыр бир кооптуу, айбаттуу нерсеге даай албай жүрөксүү, коркуу, сары санаа болуу. *«Бакпай балаңдан сакта» дешип, жалчылары алыстан эле жүрөктөрү титиреп, өз алдынча күбүрөшөт* (Каимов). *Укмуштарды угуп жүрөгүң титирейт* (Элебаев).

**ЖҮРӨГҮ ТОО** Кебелбеген, кенебеген, эч коркконду билбеген, солк этпеген, баатыр. *Барамын мен, Кызылдардын сабына, Жүрөгү тоо, Каармандар жанына* (Турусбеков).

**ЖҮРӨГҮ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШУУ** Катуу кайгыруу, ичи күйүү, туталануу. *Алардын абалын көрүп, жүрөгү туз куйгандай ачышты* («Ленинчил жаш»). *Эки буту жылбай калды, жүрөгү туз куйгандай ачышты* (Бөлөбалаев).

**ЖҮРӨГҮ ТУЙЛОО** *к.* **жүрөгү алып учуу.**

**ЖҮРӨГҮ ТҮПӨЙҮЛ БОЛУУ** Кандайдыр бир нерсеге сары санаа болуу, убайым жеп жүрөк заада боло берүү. *Бирок эне кургурдун жүрөгү түпөйүл болду* (Ашымбаев). *Бүгүн да Жылдызкандын жүрөгү түпөйүл болду* (Байтемиров).

**ЖҮРӨГҮ ТҮШҮҮ I** 1. Абдан катуу коркуу, аябай эси чыгып калуу. *Чоң эненин санаасы алда нечеге бөлүндү: балакетиңди алайын куурчагымдын жүрөгү түшүп калды го?* (Сыдыкбеков). *Аны билген түрмөнүн чоңдорунун жүрөгү түшүп, араң жүрүшөт* (Бектенов). 2. Катуу корккон, аябай эси чыгып калган баланын бейтап абалына карата айтылат (мындай учурда балдарда кусуу, өңдөн азуу, элирүү сыяктуу көрүнүштөр пайда болот). *Жүрөгү түшүп, абышкаларга апаптатып, кемпирлерге жүрөгүн көтөрттүк* («Ала-Тоо»). **В.: Жүрөгү чыгуу.** *Жүрөгүм чыкты үнүнөн.*

**ЖҮРӨГҮ ТҮШҮҮ II** *аңч.* Көп атылып жездин жүрөгү кеңейүү.

**ЖҮРӨГҮ ҮШҮҮ** Коркуу, жалкоотой болуу, жалкып калуу, жүрөк заада болуу. *Эзелден жүрөк үшүп, жалкоотой болгон кургурлар... бүлүк түшүп калар эле* (Элебаев). *Каракчылардан кербенчилердин жүрөгү үшүп бүткөн* (Абдукаримов). *Камканын жамандыкка үшүгөн жүрөгү көөдөнүн ургулап, зээни кейиди* (Сыдыкбеков). *Батийна тигил сейпейген сары чийкил баланы көргөндө Жүрөгү үшүй түшүп, шуу үшкүрүндү* (Сыдыкбеков). *Ошол алсыздыгымдан жүрөгүм үшүп, коркуп турам* (Акматов).

**ЖҮРӨГҮ ЧЫГУУ ЖЕ ЭСИ ЧЫГУУ** Коркуу, коркуп кетүү, чочуп кетүү. *Элден качып элирип, Эси чыккан мындан көп* («Семетей»).

**ЖҮРӨГҮ ШУУ ДЕЙ ТҮШҮҮ** *же* **жүрөгү болк эте түшүү** Капилеттен, күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир коркунучка дуушар болгондой, коркунучту сезгендей катуу чочуп кетүү. *Ошондо анын жүрөгү шуу дей түшүп, бир жамандыкты сезгендей болду* (Акматов). *Таабалды жүрөгү шуу дей түшүп, тык токтоду* («Ала-Тоо»). *Дачаны көздөй бурулган ак «Волганы» көргөндө эле Машраптын жүрөгү шуу дей түшүп, шалдайып туруп калды* (Казакбаев). *Менин бүткөн боюм дүрүлдөп, жүрөгүм шуу дей түштү* (Мидин). *Жүрөгү шуу этип, Батыштын көзү тунара түштү* (Байтемиров). *Атчан эки киши жетип келгенде жүрөгүм болк эте түштү* (Абдукаримов). *Дубалы урап, орду гана калган тамды көргөндө, бүткөн боюм шуу этип, санаам алда кайда кетти* (Сасыкбаев). *Акылайдын жүрөгү шуу этип, селтең эте түштү* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРӨГҮ ЫЛДЫЙЛОО** *к.* **жүрөгү бөксөрө түшүү.**

**ЖҮРӨГҮ ЫСУУ** *к.* **жүрөгү жибүү.**

**ЖҮРӨГҮ ЭЗИЛҮҮ** *к.* **жүрөгү элжирөө.**

**ЖҮРӨГҮ ЭЛЕП-ЖЕЛЕП БОЛУУ** Токтоно албай тынчы кетүү (көбүнчө кубанып толкундаган же кандайдыр бир коркунучту сезгендей кооптонгон учурларга карата). *Энем экөөбүздүн жүрөгүбүз элеп-желеп болду* («Кыргызстан маданияты»). *Ашырбектин жүрөгү элеп-желеп, коммунистке алышабы же кийинкиге калтырышабы, – деп* (Ашымбеков). **В.: Жүрөгү алеп-желеп.** *Уулунун кебетесин көрүп, апасынын жүрөгү алеп-желеп* (Сыдыгалиев). **Жүрөгү уйгу-туйгу.** *Анын жүрөгү уйгу-туйгу* (Борбиев).

**ЖҮРӨГҮ ЭЛЖИРӨӨ** Кандайдыр бир ичти жылыткан кубанычтуу, жакшы сезим пайда болуу. *Бурч-бурчтан жаңырык чыгарган коңгуроолордун тунук үнүнө чоң эненин жүрөгү элжиреди* (Сыдыкбеков). *Жүрөгү элжиреп, үйгө кирген баланы ата-энеси салкын тосуп алышты* (Каимов). **В.: Жүрөгү эзилүү.** *Сендей сулуу, сендей мөөр жок чыгар, Боюм балкып, жүрөгүм да эзилет* (Токомбаев). *Ал сүйүү ырын ырдаганда, кыз-келиндердин жүрөгү мындай турсун, улгайган аялдардын да*

*жүрөгү эзилер эле* (Жантөшев). **Эт жүрөгү элжирөө.** *Ал башынан өткөн тарыхын айтып отурганда жигиттин эт жүрөгү элжиреди* (Каимов).

**ЖҮРӨГҮН АЛУУ** *же* **жүрөгүнүн сары суусун алуу.** Аябай коркутуп көкөйүнө тийүү, дайыма чочулап, санааркап, коркуп жүрө турган абалга келтирүү. *Бу жүргөн журттун баарысын, Жүрөгүн алып болтурду* («Манас»). *Байлар кедейлерге ыза көрсөтүүнү, алардын жүрөгүн алууну максат кылып койгон* (Элебаев). *Бектен өзүнө каршы мансап талашкан бай-манаптардын да жүрөгүнүн сары суусун алат* (Баялинов).

**ЖҮРӨГҮН АЧУУ** Абдан берилип, чын ыкласы менен жадырап-жайноо, өтө мээримдүү кабылдоо. *Ат кошумча астейдил жадырап кубанып, жүрөгүн ачып, өлчөмсүз ыклас менен тосту* (Касымбеков). *Келиңиз, Теңир берди, аке, келиңиз! – деп жүрөгүн ачып, меймандарын төшөккө чыгарып калдастады* (Касымбеков).

**ЖҮРӨГҮН ЖАРАЛОО** Катуу кейитүү, өтө оор кайгыга салуу, тынчын алып кабыргасын кайыштыруу, жанына батуу. *Байкуштардын канчоосунун өлүмү кунсуз унутулуп көпчүлүктүн жүрөгүн жаралады* (Бейшеналиев). **В.: Жүрөгүн зилдетүү.** *Анын ушул сөзү көптөн бери жүрөгүн зилдетип келген кеселдин өзүнө окшоду* (Ашымбаев). **Жүрөгүн сыздатуу.** *Калыйчанын каргышы Арукени селт чочутуп, жүрөгүн сыздатты* (Осмоналиев). **Жүрөгүн канатуу.** *Эми аялдын таш боор аяры жүрөгүн канатканда ал үйүнө түнөбөй безип жүрөт* (Абдукаимов).

**ЖҮРӨГҮН КӨТӨРТҮҮ** Көбүнчө жүрөгү түшкөн баланы эмдеп-домдоо ырымы. *Жүрөгү түшүптүр, чоң энеге жүрөгүн көтөртүп келдим* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРӨГҮН МАЙТАРУУ** *к.* **жүрөгүн өлтүрүү.**

**ЖҮРӨГҮН ӨЛТҮРҮҮ** Мизин кайтаруу, сесин алуу, жүрөгүнүн үшүн алуу.

**ЖҮРӨГҮН СУУРУП АЛУУ** Жанын чыгаруу, коркутуу, бирди көрсөтүү (күч көрсөтүү маанисинде) *Эр болсоң ага бирдеме деп көрчү, жүрөгүңдү сууруп алар (* «Ала – Тоо»).

**ЖҮРӨГҮН СУУРУП БЕРҮҮ** Абдан жакшы көрүү, үстүнө үйрүлүп туруу, жанын да аябоо. *Эгерде керек болсо, бул бала үчүн, Аябайм жүрөгүмдү сууруп берем* (Турусбеков). *Сен эле аман болсоң – биздин байлыгыбыз, тирилигибиз ошо! – деп курган ата-эне Зарылтайы үчүн жүрөгүн сууруп берет* (Өмүрбаев).

**ЖҮРӨГҮН ТОКТОТУУ** Кайраттануу, сабырдуулук кылуу, өзүнө өзү дем берүү. *Жүрөктөрүн токтотуп, ишенимге белин бекитти* (Бейшеналиев).

**ЖҮРӨГҮН ҮШҮТҮҮ** *к.* **жүрөгүнүн сары суусун алуу.**

**ЖҮРӨГҮНДӨ ЖАЛЫ БАР** Тайманбас, баатыр. *Жапашым жүрөгүндө жалы бар, күйүп турган от эле, – деп, каңырыгын түтөттү карыя* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРӨГҮНДӨ КАРА ЖОК** 1. Тайманбас баатыр, эр жүрөк, өткүр курч. *Жүрөгүндө кара жок, Өкүмдүгү бар экен* («Семетей»). *Эр эле жүрөгүндө карасы жок, көгөрсө душманынан кун төлөткөн* (фольк.). 2. Ичинде арамдыгы жок, ак ниет, пейли таза, көңүлүндө кири жок. *Менин жүрөгүмдө кара жок. Сен ага туура түшүн* («Ала-Тоо»). *Жүрөгүндө кара жок, бажактаган Тезекбай эми чындоочудай тебетейин тизесине кийгизе, багжайды досуна* (Бейшеналиев). **В.: Жүрөгү майлуу.** – *Бала да... Жүрөгү майлуу да азыр булардын* (Өмүрбаев). **Майлуу жүрөк.** *Бир мүнөз баатырлар бар майлуу жүрөк, Башында далай жанга салган дүбөк* (Тоголок Молдо).

**ЖҮРӨГҮНДӨ КИРИ ЖОК** *к.* **көңүлүндө кири жок.**

**ЖҮРӨГҮНДӨ ОТУ БАР** Өткүр, курч, эч тартынбаган, өтүмдүү. *Жүрөгүндө оту бар, билегинде күчү бар Балтабай катуу бекинип, катуу сактанды* («Кыргызстан маданияты»). *Жүрөгүндө оту бар эр-азаматтар сөз менен даңазаланат* («Ленинчил жаш»). **В.: Жүрөгүндө жалыны бар.** – *Айланайын агай, ушул баланы мага чакырып бер, бир сүйлөшөйүн. Жүрөгүндө жалыны бар бала окшойт, – деп жанындагы полдомочен суранды* (Жантөшев).

**ЖҮРӨГҮНДӨ ОТУ ЖОК** Өтүмү жок, тартынчаак, жашык, жалтаң. *Жүрөгүндө оту жок, алды-кийнине көбүрөөк кылчактаган жаштарды карт акын анча жактыра бербейт* (Каимов).

**ЖҮРӨГҮНӨ БАРБОО** *же* **жүрөгүнө баспоо** Тамак ичүүгө табити тартпоо, ичкиси келбөө. *Эртең менен эрте жүрөгүнө тамак барбай, бир чыны карандай чай ууртап чыккан экен* («Ала-Тоо»). *Жүрөгүмө тамак оңдуу баспады* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРӨГҮНӨ ЖИК КЕТҮҮ** Көңүл калуу, нааразылык, ишенбестик пайда болуу. *Ошондон бери кыздын жүрөгүнө жик кетип, атасы менен сүйлөшпөй жүрөт* (Сыдыгалиев). **В.: Жүрөгүнө зил калтыруу.** *Куралына чиренип достошуу жүрөгүнө зил калтырат* (Осмоналиев).

**ЖҮРӨГҮНӨ МУЗ БҮРКҮҮ** Ичин муздатып, көңүлүн калтыруу. *Асылкулдун алоолонгон жүрөгүнө муз бүрккөн* (Бейшеналиев). **В.: Жүрөгүнө муз болуу.** *Ошентип, мен Люсанын, балдарымдын жүрөгүнө муз болдум* (Өмүрбаев).

**ЖҮРӨГҮНӨ ТИЙҮҮ** Көп кайталанган, кайра-кайра боло берип тажатып жиберген нерсени көргүсү келбей калуу, абдан тажоо, зааркануу, катуу коркуп, көңүлү калуу. *Корккон балдарым чыркырап энесине жармашат, кээде мени көрсө чыңырып бетин баса калышат. Айтор, ушинтип балдарымдын жүрөгүнө да тийдим* (Өмүрбаев). **В.:**

**Жүрөгүнө чийки майдай тийүү.** *Дүйнөдө жалгыздыгыңан тозок жок экен. Жалгыздык жүрөгүмө чийки майдай тийип, мени түгөтүп баратат* (Өмүрбаев).

**ЖҮРӨГҮНӨ ЧОК САЛУУ** Бир нерсеге жүрөгү түпөйүл болуп, ичтен сызып кейигендей, тынчы кетип сары-санаа болгондой же жүрөгү элеп-желеп болуп токтоно албагандай сезим пайда болуу. *Үнөлдүн муңдуу сөзү, жаштуу көзү Суусардын жүрөгүнө чок салып жиберген сыяктанды* (Бердикеев). *Ошондо Бала-Тынар жылаажындай үн менен солкулдап ырдап, көп кыздардын жүрөгүнө чок салып келип, ушул Салкынай сулууну өпкөн* (Осмоналиев). **В.: Жүрөгүнө чок түшүү.** *Биринчи күндөн эле көңүлү сынган Күласалдын жүрөгүнө чок түшөт* (Осмоналиев).

**ЖҮРӨГҮНӨН КАЙНАП ЧЫККАН** Бүт мүмкүнчүлүгү, чын ыкласы менен, абдан берилген, дегдеген. *Мындагы балаңар жүрөгүнөн кайнап чыккан ысык саламды жиберет* (Жусупов).

**ЖҮРӨГҮНӨН КАН ТАМЧЫЛОО** Аябай зээни кейүү, кабыргасы кайышуу, жаны кейүү. *«...Өлтүр, мыкаачы, өлтүр, мына ур!» – деп боздогон кызынын абалына жүрөгүнөн кан тамчылаган тура таятасынын* (Айтматов).

**ЖҮРӨГҮНӨН ТҮТҮН ЧЫГУУ** Ичинен сызып, катуу күйүп туруу. *Кемсинген букаралардын жүрөгүнүн башынан түтүн чыгып тургандай түрлөрү бар* (Үмөталиев).

**ЖҮРӨГҮНҮН САРЫ СУУСУН АЛУУ** Биротоло коркутуп көз каранды кылып алуу, кайратын качыруу, мизин майтаруу, дайыма коркуп, чочулап тургандай абалга келтирүү. *Жүрөгүбүздүн сары суусун алып, коркутуп, мындан ары бизди биротоло баш көтөргүс кылайын десе керек* (Баялинов). *Бектен өзүнө каршы мансап талашкан баймапаптардын да жүрөгүнүн сары суусун алат* (Баялинов). **В.: Жүрөгүнүн үшүн алуу.** *Өздөрүнө табышмак болгон маанилүү нерселерди ушу комузчу жигиттин билиши булардын жүрөгүнүн үшүн алды* (Каимов). *Далай эне-атанын жүрөгүнүн үшүн алган бул кабар Нуракты да коопсунта жүргөн* (Өмүрбаев). **Жүрөгүнүн үшүн кетирүү.** *Көп өтпөй эле томсоруп, ээнсирей түшкөн төрт бөлмөлүү жай тигил экөөнүн жүрөгүнүн үшүн кетирди* (Медетов). **Жүрөгүн алуу.** *Жүрөгүн алып душмандын, Бир кызыкка батышсын* (фольк.). *Байлар кедейлерге ыза көрсөтүүнү, алардын жүрөгүн алууну максат кылып коюшкан* (Элебаев). **Жүрөгүнүн шүүсүн алуу.** *Үчөө кошундагылардын жүрөгүнүн шүүсүн алышты* (Жоошбаев). **Жүрөгүн үшүтүү.** *Каракчылар кербенчилердин жүрөгүн үшүтүп бүткөн экен* (Абдукаимов). *Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бере алар бекемин* (Айтматов). *Арт жагынан анда-санда дүңгүрөп замбирек атылып, жүрөк үшүткөн сүр менен Кокон кошунунун сол канатын түрө чыкты* (Касымбеков).

**ЖҮРӨК I** 1. Адамдардын, жаныбарлардын сол жак көөдөнүндөгү булчуңдуу баштыкча түрүндөгү кандын айланышын тейлеп турган борбордук орган. *Жүрөгүн тыңшап оорунун, Жылмайып доктор сүйлөдү* (Бөкөнбаев). ‖ Ушул органдын сырткы тушу. *Колун жүрөгүнө коюп ойлоно калды.* 3. Адамдын ички дүйнөсүн: оюн, тилегин, ички сезимин, кайгысын, ниетин, жалпы эле көңүлүн билдирүү иретинде колдонулат. *Жүрөк сырын айтууга, Тил жетишпейт, тил гана* (Токомбаев). *Эригендей жүрөгүм, Экиленип баратам* (Токомбаев). *Анан калса тоодогу түн дагы жүрөккө жакын сезилет* (Байтемиров). *Жылуу тийген жүрөккө, Сөздөрү ай бозойдун* (Турусбеков). 4. Эрдикти, баатырлыкты, кайраттуулукту, жүрөктүүлүктү, тайманбастыкты, эргүү сезимин билдирүүдө колдонулат. *Кайдасың арстан жүрөк Өмүрбегим* (Үмөталиев). *Акылынан шашпаса, Жоокердин көркү жүрөктө* («Мендирман»). *Жүрөгү бар азамат, Ошондо ишке жарады* (Турусбеков). *Жалын жүрөк, сөзгө чечен, ишке маш* (Токомбаев). 5. Бир нерсенин эң негизгиси, борбору, чордону. *Тормоз вагондун жүрөгү* (Сасыкбаев). *Жер жүрөгү –Москва* (Бөкөнбаев).

**ЖҮРӨК II** *аңч.* Жездин мистон отургузуучу түбүндөгү уюгу.

**ЖҮРӨК АЛДЫ КЫЛУУ** Катуу коркутуп, сары санаа кылуу, жүрөк заада кылуу. *Аракеч күйөө Асылканды жүрөк алды кылды. Ал күн сайын күйпүйүп баратты* (Өмүрбаев).

**ЖҮРӨК ЖЫЛЫТАР** Адамды өзүнө тартып ийиктирер, көңүлүн жай кылып жибитер. *Мен келгени ошол жамандын оозунан жүрөк жылытар кеп чыкканын уга элекмин* (Сыдыкбеков).

**ЖҮРӨК ЗААДА БОЛУУ** Санаасы тынбоо, коркуп сары санаа болуу, убайым тартып, тынчсыздана берүү. *Таабалды кайра келе жатканда кароолчулар көрүп коюшабы деп жүрөк заада болду* (Бектенов). *Өлөрүнө көзү жеткен Батийна жүрөк заада болуп ичинен калтыраса да сыр алдырган жок* (Сыдыкбеков).

**ЖҮРӨК КӨТӨРҮҮ** Бир нерседен коркуп, эси чыгып, жүрөгү түшүп калган баланы ырым-жырым жасатып, эмдетип-домдотуу (көбүнчө кемпирлер ооруган баланы апаптап же башка ырым-жырымдары менен эмдепдомдойт). *Бир таштын карааның көрүп жүрөгү түшүшпүр, кемпирлерге жүрөгүн көтөрттүк* («Ала-Тоо»).

**ЖҮРӨК МОНЧОК** *же* **жүрөк таш** Жүрөгү түшүп, коркуп калган балага ырым катарында тунук таштардан жүрөк сыяктуу кылып моюнга тагууга ылайыкталып жасалган форма.

**ЖҮРӨК ТИТИРЕТҮҮ** Элжиретип же калтаарытып муун-жүүндү бошотуу (көбүнчө кубанып толкундаган же капа болуп жашыган учурларга карата). *Ээ, берекем! Кайдан жүрүп комузчу болуп кеткенсиң? Жүрөктү титиретесиң да?* (Каимов). *Кыздар бир табак талканга сатылып, көз жашты көлдөткөн ата-энелердин муңу жүрөктү титиретет* (Каимов).

**ЖҮРӨК ТОКТОТУУ** Кайрат кылуу, боюн, акылын жыйноо, коркконун, чочуганын, апкаарыганын басуу. *Ышкынаалы жүрөгүн токтотуп сүйлөй берди* (Байтемиров).

**ЖҮРӨК ЭТИ ТОЛУУ** Чоңоюу, өсүп жетилүү, эрезеге жетүү. *Жүрөк этиң толо элек, жүткүнөр чагың боло элек* («Манас»).

**ЖҮРӨКЗААДА** Чочулап, жүрөгү түпөйүл болгон абал, санааркап, жүрөксүнгөн сезим. *Таабалды кароолчулар көрүп коюшабы деп жүрөкзаада болду* (Бектенов). *Бул жигит көзгө көрүнүп баратат, кокус ордумдан ажыратып жүрбөсүн деп жүрөкзаада* («Ала-Тоо»). *Ал жагын айтып жүрөкзаада кылбай эле кой* (Сасыкбаев).

**ЖҮРӨКЗААДАЛЫК** Жүрөкзаада болуу абалы.

**ЖҮРӨКСҮ жүрөксүн** менен бирдей. *Биз жүрөксүп калтаарыган кездерде жол көрсөтөт* (Токомбаев).

**ЖҮРӨКСҮЗ** Коркок, кайраты жок, жалтаң. *Жүрөксүздүн белгиси, Жоону көрсө тартынган* (Осмонкул).

**ЖҮРӨКСҮН** Коркуу, чочулоо, батына албоо. *Алар атчан, мен жөө, жүрөксүнбөй сак болоюк.* (Убукеев).

**ЖҮРӨКСҮНҮҮ жүрөксүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮРӨКТӨШ** Ой-санаасы бирге, ой-тилеги бири-бирине жакын, кыйышпас ынак. *Казак эли, жылдыздашым, тилектеш, Казак эли таалайлашым жүрөктөш* (Токомбаев). *Жүрөктөш курбуң болуп келип дайым, Сурасам баатырлардын алы-жайын* (Шамшиев).

**ЖҮРӨКТҮ ШУУЛДАТУУ** Катуу коркутуу, үрөйүн алуу, үрөйдү учуруу. *Эңкөө далылуу кара неме кара аттын үстүндө ого бетер жалаңкыч кебетеленип жүрөктү шуулдатат* (Осмоналиев). **В.: Жүрөктү шуу эттирүү.** *Түрү суук караңгылык жүрөктү шуу эттирди* (Жусупов).

**ЖҮРӨКТҮҮ** Коркунучтан, кыйынчылыктан баш тартпаган, коркпогон, баатыр, кайраттуу. *Мен жыйырмадагы жигиттей болук элем жана жүрөктүү элем* (Токомбаев). *Ким жүрөктүү, ким коркок, Суу ичинде сыналып* («Курманбек»).

**ЖҮРӨКЧӨ** *геогр.* Кичинекей дөбө жер. *Айылдын орто ченindeги кичинекей жүрөкчөдө чоңдор отурушат* (Жантөшев). ‖ Капчыгайдын, чаттын айрылышындагы, ортосундагы дөмпөйүп көтөрүлүп турган дөбө, кыр, белес, *Капчыгайдын оозундагы жүрөкчөнү айланып өттүк* (Абдукаримов).

**ЖҮРҮ** Барууга, бирге жөнөөгө ж.б. чакыруу иретинде колдонулат. *Жүрү Мыскалжан үйгө* (Сыдыкбеков). *Жүрү жеңе, бүгүн көл боюна сейилдеп келели* (Сыдыкбеков).

**ЖҮРҮМ** Жүрүш-туруш, жүрүм-турум. *Жүрүмү жаман жигит.*

**ЖҮРҮМ-ТУРУМ** Эл ичинде, коомдо өзүн өзү кармай билүү нормалары, өзүн кандайча алып жүрүү тартиби, кулк-мүнөз, кылык-жоругунун жалпы абалы, жүрүш-туруш. *Акбар өзүнүн иши жана жүрүм-туруму менен колхозчуларыбыздын улуусуна ини, кичүүсүнө ага болуп калды* (Убукеев).

**ЖҮРҮП КЕТҮҮ** Өлүү, жан берүү, көз жумуу. *Казыке, ысык чай ичесизби десем, көрсө, алда качан эле жүрүп кетиптир* (Айтматов). *Ошол сөздү эле күтүп жаткансыган Берен кеч бешимдеги ала көлөкөдөй суналып барып жүрүп кетти* (Осмоналиев).

**ЖҮРҮҮ жүр** этишинин кыймыл атоочу. *Караңгыда токой арасынан жүрүү айтып бүткүс машакат* (Жантөшев).

**ЖҮРҮШ** 1. Унаанын желе жүргөн, бир аз жорголой жүргөн ылдам басыгы. *Жоргосу жок, жүрүшү жок копол атын мактайт* (Тоголок Молдо). *Басыгына мал жетпес, Жүрүшүнө жан жетпес* («Манас»). *Жорто баскан жүрүшү бар. Шайбырланган жүрүш.* 2. Транспорттун жүрүү абалындагы ылдамдыгы, ар кандай машинанын, аппараттын кыймылда болуу, иштеп туруу абалы. *Танк дагы тездик жүрүш менен алга карай кетти* (Бөкөнбаев). 3. Кандайдыр бир иштин, аракеттин аткарылуу процесси, жүзөгө ашуу абалы. *Пахта терүүнүн жүрүшү. Оруужыюунун жүрүшү.* 4. Кандайдыр бир максатта массалык түрдө жапырт бет алып жөнөөчүлүк, экскурсия жасоо же туристтик максаттарда жөө жөнөгөн сапар, көбүнчө жөө жүрүү мүнөзүндө өткөрүлүүчү спорттук мелдеш. *Жүрүшкө жарайсыз, жигит,– деди врач* (Таштемиров). 5. Ар түрдүү оюндарда: карта, шахмат ж.б. оюнчулардын бирибирине кезектүү жооп кайтарган аракети. *Шахматчылар 39-жүрүштө тең чыгууга макул болушту.* 6. Адамдын өзүн өзү алып жүрүү нормалары, жүрүм-турум. *Жүйрүк болсо ал келин, Жүрүшүнөн бузулат* (Токтогул).

**ЖҮРҮШ-ТУРУШ жүрүм-турум** менен бирдей. *Адамдын чын көркү Адептүү жүрүштуруш* (Шүкүрбеков). *Кээ бир-кээ бир көпкөндөр, Адашат жүрүш-туруштан* (Шүкүрбеков).

**ЖҮРҮШТҮҮ** Басыктуу, жүрүшү жакшы. *Узун жолду жүрүштүү ат, кызык сөз кыскартат* («Жомоктор»).

**ЖҮТКҮН** 1. Бир нерсеге жакындоо, жетүү үчүн алдын карай обдулуу, кескин түрдө алга карай козголуу, умтула кыймылдоо. *Калтыраган колдорумду сундура балама*

*жүткүндүм* (Айтматов). *Каныбек көкүрөгүн илгери кыла Жумага карай жүткүнүп бараткманын сезди* (Жантөшев). 2. Көздөгөн максатына жетүү үмүтүндө болуу, үмүттүү тилекте алга умтулуу. *Мен өзүм да жетим өскөн жеткилең, Канат кагып жаңы нурга жүткүнөм* (Бөкөнбаев).

**ЖҮТКҮНДҮР жүткүн** этишинин аркылуу мамилеси. *Араба чаң ызгытып өтө берди, Жүгүнтүп, жүткүндүрүп калың элди* (Токомбаев).

**ЖҮТКҮНТ жүткүн** этишинин аркылуу мамилеси. *Бирок жаш мугалимди намыс дагы алдыга жүткүнтөт* («Ала-Тоо»).

**ЖҮТКҮНҮҮ жүткүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖҮҮКҮР** *туурасы:* **жуукур.**

**ЖҮҮН** Кыр аркалардын бириккен жери, муунактанып кошулган жери.

**ЖҮҮН-МУУНУ БОШОО** *к.* **муун-жүүну бошоо.**

**ЖҮҮНҮ БОШ** Болбураган жоош, тың эмес, кайраттуу эмес, жашык. *Жүүнү бош зайыптардын көп учурда салбар болору бышык* (Сыдыкбеков). *Өзүмдү өзүм карманып, басмырт жүргөнүм башкаларга тунжураган түнт, жүүнү бош, момун көрүнду* («Ала-Тоо»).

**ЖҮҮНҮ БОШОО** 1. Алсыроо, жүдөңкү тартуу. 2. Жашып кетүү, муундары калтырап ыйлагысы келүү.

**ЖЫБАНАК** *эск.* Жолборстун сөөгү. *Жыбанак саптуу ак кестик.*

**ЖЫБЫЛЖУУ жыбылжы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫБЫЛЖЫ** 1. Өтө жай сызылып чыгуу, өтө жай жылжып агуу. *Булактан жыбылжып аккан тунук суу күн нуруна чагылышып жаркырайт* (Таштемиров). 2. Акырын, ичке созулуп чыгуу (үнгө карата). *Үнү жыбылжып уккулуктуу да, маанилүү да, сүйкүмдүү да чыкты* (Бейшеналиев) 3. Жай, шашпай, каалгый басуу.

**ЖЫБЫЛЖЫТ жыбылжы** этишинин аркылуу мамилеси. *Батма жыбылжыта обонго термелтип ырдады* (Бейшеналиев).

**ЖЫБЫҢ** Кыбындай тез-тез ирмелүү. *Жыбың этип көз кысуу.*

**ЖЫБЫНДА** Көз кыбындаган түрдө ирмелүү, жыбың-жыбың этүү, жылмыңдоо.

**ЖЫБЫР I** Өңгүл-дөңгүл, ала-чокул, тегиз эмес бет, бидырланган жер. *Майда жыбырлар, көөдөнүн кергенсип турган апай беттер ушул жерге көрк бергенсийт* (Таштемиров). *Азганактай жыбырга, Ат кулактуу шабырга, Алды барып токтоду* («Манас»).

**ЖЫБЫР II** Суунун, суюктуктун үстүнө быжырап чыккан чыбырчыктарды, чыбырчыктаган майда толкундарды билдирүүдө, бир нерсенин кыбыр-кыбыр эткендей же чыбырчыктап чыккандай сезим берген абалын билдирүүдө, колдонулат. *Уятымдан сакалымды тырмап, курсагымдагы киричменин жыбыр-жыбыр ачыганын тыңшагансып отуруп калам* (Сыдыкбеков).

**ЖЫБЫРА** 1. Көп санда жана кыбыраган кыймылда болуу. *Уюгунда курт-кумурскалар жыбырайт.* 2. Өтө көп, сан жеткис болуп көрүнүү, жайнаган көп санда болуу. *Көлүндө балык жыбырайт* (Калык). *Түн ортосу болгондо, Жыбырап жылдыз толгондо* («Манас»). ‖ Жайнап чыгуу быжырап жапырт өсүп чыгуу. *Ойдуң, күнөстөрдө көк жыбырап калды* (Сыдыкбеков). *Байчечекей гүл сайынып жыбырап, Бар жаныбар чээнден чыгып кыбырап* (Осмонкул).

**ЖЫБЫРАТ жыбыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жыбырата орноткон Жылдыздай күйгөн шамы бар* (Осмонкул).

**ЖЫБЫРГАК** *туурасы:* **шыбыргак.**

**ЖЫБЫРОО жыбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫБЫТ** Кичинекей кокту, майдаланып бөлүнүп кеткен жылга. *Коён жүрөт жыбытта, Коркуп качып бултулдап* (Осмонкул). *Ормуш берки жыбыт менен өйдөлөп отуруп, эликтердин капталынан чыкмак болду* (Байтемиров).

**ЖЫБЫТТА** Жыбыт аркылуу, жыбыт менен басуу, өрдөө. *Жыбыттап басып отурдук.*

**ЖЫБЫТЧА** Кичинекей жыбыт, жыбыт сыяктанып кеткен жер. *Жыбытчанын ичи менен боортоктоп жылдык* (Сыдыкбеков).

**ЖЫГА** 1. Куштун чокусундагы таажы. 2. Мансаптык же хандык белги: кандын атайын баш кийими, же баш кийимге тагылуучу асыл таш, куштун канаты. *Хан Манастын башына Жыгалуу бөркту кийгизди* («Манас»). 3. Аялдардын кооздолгон баш кийими, же кооздолгон баш кийимге сайылган үкү, куш канаты ж.б. 4. Мөөргө тартылган атайын белги – эн. Кээде кандык белги тартылган мөөр. *Бакай, Жакып эки кан, Катты мыктап жаздырып, Аягына келтирип, Жыгалуу мөөр бастырып* («Манас»).

**ЖЫГААН** Өзөндүн суусун арыкка буруп, байлаган жердеги кулак, тогоон, суу байлаган жер. *Абышка башкы жыгаандан сууну чоңойтуп, арык-арыкка салууда* (Сыдыкбеков).

**ЖЫГАЧ** 1. Сөңгөктүү келип бутактанып, айрым-айрым өзүнчө түп алып чыгуучу карагай, кайың, тал, алма сыяктуу бийик өсүүчү өсүмдүктөрдүн, ошондой эле сөңгөгү бир кыйла жоон келип бадал түрүндө чыгуучу көп жылдык өсүмдүктөрдүн жалпы аты, бак-дарактарга карата колдонулуучу жалпы ат, бак. *Адам көрүп таанығыс, Ар жыгачтын баары бар* (Токтогул). *Орноптур токой совхозу, Бапестеп баккан жыгачты* (Үмөталиев). *Байчечекей гүлдөгөн, Жыгачтын баары бүрдөгөн* (Тоголок Молдо). *Мөмө жыгачынын эң картаң дегени береги алма жыгачы*

(Сыдыкбеков). 2. Ушундай өсүмдүктөрдүн устун, тактай ж.б. түрүндөгү ар кандай керектөөлөргө жумшалуучу, эмеректер жасалуучу, оттун жана курулуш материалдары катарында колдонулуучу бөлүгү. *Таштанбек чал сарайчасынын алдына барып көпкө чейин жыгачтан жыгач тандады* (Убукеев). *Ийри жыгач түз болот, тезге салып мордосо* (макал). *Эңкейип чок үстүнө жыгач таштап, Олтурат эки койчу маектешип* (Шүкүрбеков). ‖ Нерселердин, буюмдардын ж.б. ушундай материалдан жасалгандыгын, тегин билдирүүдө колдонулат. *Эки лом, беш жыгач күрөк даярдагыла* (Жантөшев).

**ЖЫГАЧ ТҮШҮРҮҮ** Күйөө баланын атасы тарабынан даярдалган боз үйдүн сөөгүн колуктунун айылына жеткирүү салты. Кудалаган кызды алып кетердин алдында узак мөөнөткө шаан-шөкөт менен берилүүчү тойдун керектүү чыгымдарын күйөө бала тараптан кыздын атасынын айлына ташып келүү. Аны кой эти, боорсок ж.б. татымалар менен күйөө бала жана анын ата-энеси коштоп барган. *Калыйчанын кайыны эми кызды алганы жыгач түшүрүп кетишти* (Сыдыкбеков). *Арадан ай өтпөй кудалар жыгач түшүрүштү* (Сыдыкбеков). *Аа мен кудалап, жыгач түшүрүп, эсиртпейм, – дейт Адыке* (Сыдыкбеков). **В.: Жыгач жүктөө.** *Менин кайним багыш Байназар Жыгач жүктөп, мал айдап Үй-жай келген тоюнда* (Үсөнбаев).

**ЖЫГАЧ УСТА** Жыгачтан ар кандай көркөм буюмдарды жасоочу чебер.

**ЖЫГАЧТУУ** Жыгачы көп, жыгачы мол, жыгач көп өскөн. *Жыгачтуу жер.*

**ЖЫГАЧЧЫ** Боз үйдүн уук-керегеси ж.б. ар кандай буюмдарды жасаган, жыгач кармаган уста. *Жыгаччы болгон адамга, Сыйда сулуу тал жакшы* (Жантөшев).

**ЖЫГАЧЧЫЛЫК** Жыгачтан ар кандай буюмдарды жасоо кесиби, жыгач усталык. *Жыгаччылык кесиби. Жыгаччылык менен күн көрүү.*

**ЖЫГЖЫЙМА** *туурасы:* **жык-жыйма.**

**ЖЫГУУ жык** этишинин кыймыл атоочу. *Жорго өчөшүп секиргендей, атайлап эле жыгууга тырышкандай көрүндү* (Байтемиров).

**ЖЫГЫЛ жык** этишинин туюк мамилеси. *Ок тийип теке жыгылды* (Маликов). *Бүкөнтай бучук мурун үч жашар кыз, Бир күндө жүз жыгылып жүз басар кыз* (Осмонов).

**ЖЫГЫЛЫШ: ит жыгылыш** Кимиси жыгып, кимиси жыгылганы белгилүү болбогон: бирин бири даана жыга албай тең тайлашып алпурушкан абал. *Ал экөө ит жыгылыш болуп, көпкө жулмалашты* («Жомоктор»).

**ЖЫГЫЛЫШТУУ** Сөздөн, натуура же олдоксон иштелген иштен улам жаңылыштыгын, кемчилигин, мойнуна алган абал. *Жолдошу Зарлыктын сөзүнүн ырастыгына жыгылыштуу болгондой унчукпай калды* (Элебаев). *Салыке, өткөндөр үчүн мен жыгылыштуумун* (Каимов).

**ЖЫГЫРМА** *диал.* Жыйырма. *Не жыгырма, не жыгырма бирдеги курагым* (Сыдыкбеков).

**ЖЫДУУ I жыды I** этишинин кыймыл атоочу. *Чачы жыдууга аз калуу.*

**ЖЫДУУ II жыды II** этишинин кыймыл атоочу. *Ордо ойногондо жыдуу. Упай ойноп жатып жыдуу.*

**ЖЫДЫ I** Теринин жүнү чач, түк түшүү, жапырт түшө баштоо, жалаң териси калуу. *Тери сонун жыдыптыр. Айткылачы, муну кантип жыдытасыңар* (Каимов).

**ЖЫДЫ II** Ордо, упай чүкө оюндарында оюн ойноп жаткан оюнчу оюн эрежелерин туура сактабагандыктан өз кезегинин аягына чейин ойнобой, оюндан чыгып калуу, оюндун эрежесин бузуп алып оюнду уланта берүү укугунан ажырап калуу.

**ЖЫДЫКЕЙИ ЖОК** Корко турган, чочулай турган эч нерсе жок, ишке ашпай калса да анчалык күйүп кете турган, уттура турган эч нерсеси жок, баары бир деген мааниде колдонулат. *Иштей берели, күткөндө эмне, жыдыкейи жок, баары бир иштерибиз иш да* (Жантөшев).

**ЖЫДЫМА** Мал оорусунун бир түрү.

**ЖЫДЫМАК I** 1. Ордонун чүкө, кан салына турган так ортосу, борбору. *Чүкөнү жыдымакка салуу.* 2. Балдардын чүкө оюнунун бир түрү. 3. *диал.* Упай. *Жыдымак ойноо.*

**ЖЫДЫМАК II** *диал.* Жатак. *Жыдымакта жатуу. Жыдымакта жаткан коён.*

**ЖЫДЫТ I жыды I** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫДЫТ II жыды II** этишинин аркылуу мамилеси. *Алаксытып жатып оюнчуну жыдытты.*

**ЖЫЙ** 1. Бир жерге чогултуу, топтоо, үйө жыйноо. *Кедейлер отун жыйды алда кайдан* (Маликов). ‖ Эгин тегинди, түшүмдү ж.б. жыйнап алуу. *Аңызда бир тоголок калтырбай дан, Бир айда баарын толук жыйып алган* (Үмөталиев). *Кызылча жыйган талаадан Кыштакка чубап эл жүрдү* (Маликов). 2. Үйдүн ичин иретке келтирүү, жууркан-төшөктү, идиш-аякты ж.б. жыйыштыруу, жай-жайына коюу. *Керегe тартып, үй тигип, Керилтип жүктү жыйбадым* («Саринжи-Бөкөй»). *Терисин жыйбай иттен көрөт* (макал). 3. Топтолушкан, чогулушкан абалга келтирүү, чогултуу. *Кыз атасы Кулжыгач, Жалпы элин жыйып той кылып* («Олжобай менен Кишим- жан»). *Иштен кийин Белек жыйды бөлөсүн* (Токомбаев). *Адырдагы малдарын, Айдап жыйып калды дейт* («Эр Төштүк»). ‖ Баш коштуруу, бириктирүү. *Курама жыйып журт кылган* («Манас»). 4. Бириндеп, таралып кеткен нерселерди жыйноо, бирөөлөрдөн алына турган нерселерди жыйнап

алуу. *Токтосун ашка кетчү чыгымдарды эртелеп эл-журтунан жыйып алган* (Маликов). 5. Көбөйтө чогултуу, топтоштуруу. *Оокат жыйып, мал күтүп, Уулум тогуз болгондо* («Эр Төштүк»). *Атасы Гүлжамалдын кара дыйкан, Мүлкү жок байлык кылып алтын жыйган* (Токомбаев). 6. Күчтү, кайратты ж.б. топтоштуруу, толуктоо. *Бул кезде күчүн жыйып, билим кенин, Кези экен кадаланып казып жаткан* (Турусбеков). *Кабылан Манас баатырың, Кайратын бойго жыйды эми* («Манас»). 7. Калыбына келүү, мурункусундай болуу, кадимки калыбына келүү. *Дарыяхан кичине эсин жыйып, өзүнүн мылтыгын ала коюп кулагын кайырды* (Жантөшев). *Ажар менен Каныбек бир аз эстерин жыйышты* (Жантөшев). 8. Жыйрылган, тартылган абалга келтирүү. *Тырмагын жыйып, аяр баскан мышык көлөкө жүргөндөй тымызын болду* (Сыдыкбеков). *Ичин жыйып күлүк ат, Чуркар кези келиптир* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЙГАН-ТЕРГЕН** Тапкан, чогулткан колдогу дүнүйө, мал-мүлк, чогултуп сактап бардык жыйганы. *Жыйган-тергенинин убайын көрбөй кете берди.*

**ЖЫЙГЫЗ жыйдыр** менен бирдей.

**ЖЫЙДЫР жый II** этишинин аркылуу мамилеси. *Чебин таштан жыйдырган* («Эр Табылды»).

**ЖЫЙНА жый II** этиши менен бирдей. *Кагаз жазып берди эми, Кабарлап баарын жыйна деп* («Эр Табылды»). *Аскар чебер кыймылдап, төшөнчүлөрүн жыйнап койду* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЙНАК I** Ар кандай документтер, адабий же башка чыгармалар топтолгон китеп. *Ырлар жыйнагы. Макалалар жыйнагы.*

**ЖЫЙНАК II** Тыкан, бышык, жыйнактуу. *Жогорулатып жылдырып, Жыйнак кылып коюңар* («Эр Табылды»).

**ЖЫЙНАКТА** 1. Жыюу, жыйнап чогултуу, иреттеп даярдоо. *Жыйнактап жабдыктарды алып шайлап, Каткырып, шыңкылдашып кошту айдап* (Турусбеков). 2. Жыйынтык чыгаруу, белгилүү натыйжасын чыгаруу, бир корутундуга келүү, жыйынтыктоо. *Беш – деген баада бүтүргүн, Жыйнактап жылдык сабакты* (Нуркамал).

**ЖЫЙНАКТАЛ жыйнакта** этишинин туюк мамилеси,

**ЖЫЙНАКТОО жыйнакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЙНАКТУУ** Ар нерсени өз убагында так бүтүргөн тыкан, ишке бүйрө, жүрүш-турушу тың, чыйрак. *Жыйнактуу адамдар кайда жүрсө да, кандай шартта болсо да жакшы адатын таштабайт* (Убукеев).

**ЖЫЙНАКТЫК** Тыкандык, тындык, бүйрөлүк.

**ЖЫЙНАКЧА** Кичине жыйнак, көлөмү аз жыйнак. *Шарипке Л.Н. Толстойдун «Балдарга» деген аңгеме, жомокторунун, жыйнакчасы тийди* (Бейшеналиев).

**ЖЫЙНАЛ жыйна** этишинин туюк мамилеси. *Жыйналып эгин, күз өтөт, Кыштын камын күчөтөт* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЙНАЛЫШ** Кандайдыр бир ишти, маселени чечүү, кеңешүү, талкуулоо үчүн белгилүү бир уюмдун, мекеменин, коллективдин мүчөлөрү же ар кандай көпчүлүк баш кошкон чогулуш. *Жыйналышта айылдын аксакалы Акылбек карыянын сүйлөгөн сөзү отургандарга абдан таасирлүү болду. Райондук жыйналыш кеч бүттү.*

**ЖЫЙНАТ жыйна** этишинин аркылуу мамилеси. *Кызылчасын колхоздун, Кырдай бийик жыйнаткан* (Үмөталиев).

**ЖЫЙНАШ жыйна** этишинин кош мамилеси. *Бир эки күнгө чөп чабышыңыз же чөп жыйнашыңыз* (Каимов).

**ЖЫЙНАШТЫР** 1. Чогултуу, иреттөө, тартипке келтирип жыйнап коюу. *Анархан үйдүн ичин жыйнаштырып коюп Супаханга кетти* (Жантөшев). *Динар дептерлерин жыйнаштырды* (Сыдыкбеков). 2. Кандайдыр бир бүткөн же иштелип жаткан ишти токтотуп коюу.

**ЖЫЙНАШТЫРЫЛ жыйнаштыр** этишинин туюк мамилеси. *Үйдүн ичи адам карап турарлык жыйнаштырылган* (Баялинов).

**ЖЫЙНОО жыйна** этишинин кыймыл атоочу. *Кант кызылчасын жыйноо башталды* (Сасыкбаев).

**ЖЫЙРУУ жыйыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЙРЫ** *туурасы:* **жыйыр.**

**ЖЫЙРЫЛ** 1. Тырышып бүрүшкөн, бүйрүлө тартылган абалга келүү. *Ирени өзгөрүлүп ошол замат, Жыйрылып кең кабагы бырыш кат-кат* (Абдыраманов). *Ашыр менен Кыдырдын беттери жыйрыла түштү. Жылан чапкан сайын жыйрылып кичине көрүндү* («Ала-Тоо»). 2. Иренжип боюн ала качуу, жийиркене тартынуу, тартынуу сезими пайда болуу. *Абдыракман чалыр жанына келсе, Батыйна жыйрылат, жийиркенет* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЙРЫЛТ жыйрыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Жайдары күлмөй адаты анын, Жыйрылтып кат-кат кабагын калың* (Абдыраманов).

**ЖЫЙЫЛ жый II** этишинин туюк мамилеси: *Элдин көбү кичине дөбөчөгө жыйылды* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЙЫЛУУ** Жыйып коюлган, тартипке келтирилип, жыйыштырылып коюлган. *Жыйылуу жүк.*

**ЖЫЙЫЛЫШ** *сүйл.* Жыйналыш. *Жыйылышка жазгы айдоо маселеси коюлган* (Турусбеков).

**ЖЫЙЫМ** 1. Жыйналып алынган түшүм. *Пахтанын дүң жыйымы көбөйдү.* 2. Жыйналып алынуучу ыгым-чыгым. *Мансурдун зекет, битир сыяктуу жыйымдарга да саrandдык кылганын айтышчу* (Абдукаримов).

**ЖЫЙЫН I** 1. Жыйылыш, жыйылган эл, элдин чогулган тобу. *Топ жыйында сайраган, Торгойдой Токоң сабагы* (Токтогул). *Эл чогулган жыйында, Балбандын чери жазылат* (Токтогул). 2. Бийлик башында тургандардын, ар кандай өкүлдөрдүн катышуусу менен айрым маселелерди чечүү үчүн чогулган чакан жыйналыш, топ, кеңеш. *Султанмаамыт Жаныбектен коркуп күндө жыйын курду* («Жомоктор»).

**ЖЫЙЫН II жый II** этишинин өздүк мамилеси. *Жыйынып келгиче ушул болду* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЙЫНДЫ** Бир нерсенин чогуусу менен алгандагы жалпы натыйжасы, бардыгы.

**ЖЫЙЫНТЫК** 1. Кандайдыр бир иштин корутундусу, натыйжасы, тыянак. *Жайкы эмгектин жыйынтыгын чыгарар күз айлары да* 2. Тыкандык, чыйрактык, жыйнактуулук. *Этек-жеңи далбырап, Жыйынтыгы жок болот* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЙЫНТЫКТА** Жыйынтык чыгаруу, корутундулоо, жалпылоо. *Студент айтылгандардын сомосун жыйынтыктап, өз оюн кыскача чиймелеп алат* (Бейшеналиев).

**ЖЫЙЫНТЫКТАЛ жыйынтыкта** этишинин туюк мамилеси.

**ЖЫЙЫНТЫКТОО жыйынтыкта** этишинин кыймыл атоочу. *Акбар сөзүн жыйынтыктоого бет алды* (Убукеев).

**ЖЫЙЫНТЫКТУУ** 1. Корутундуланган, тыянактуу, негиздүү. *Жыйынтыктуу сүйлөдү.* 2. Жыйынтыкталып бүткөн, натыйжалуу. *Жыйынтыктуу эч жумуш бүтпөдү* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЙЫР** Бүрүштүрүлүп жыйрылган, бүйрүлгөн же кабаттала тырышкан абалга келтирүү. *Даша Ашырды көрө коюп, кашын серпип, чекесин жыйырып алды* (Сасыкбаев).

**ЖЫЙЫРМА** 20 саны, эсеби. *Жыйырмага жашы толгондо жыргалдуу тойду баштады* (Осмонкул). *Жыйырма келип ырдап кетти булбулдар, Жыйырма гүлдөп, жыйырма түштү жалбырак* (Токомбаев).

**ЖЫЙЫРМА БИР** Акча, мал-мүлк ж.б. сайышып кумар ойноочу карта оюну. *Бир топ кишилер жыйырма бир ойноп жатышты* (Абдукаримов).

**ЖЫЙЫРМАНЧЫ** 1. Жыйырманын иреттик саны, эсеби. *Мен өскөмүн, уруш-күрөш жылында, Мен өскөмүн жыйырманчы кылымда* (Турусбеков). 2. *сүйл.* Бытыра менен атылуучу мылтыктын бир түрү. *Жыйырманчы менен атуу.*

**ЖЫЙЫШ жый** этишинин кош мамилеси.

**ЖЫЙЫШТЫР** 1. Иретке, тартипке келтирүү, жыйнап, иреттеп коюу, жыйнаштыруу. *Өлмөскан казан-аяктарын жыйыштырды* (Жантөшев). 2. Иштеп жаткан ишинин, айтып жаткан сөзүнүн аягына чыгып же чыкпай эле токтотуп коюу, андан ары улантпоо. *Жеңе албайсың Осмонкул, Жыйыштыргын тил алсаң* (Калык). *Мен өз күчүм, өз эмгегим менен жетем. Эгер боло албасам, жыйыштырып коем* (Тойбаев).

**ЖЫЙЫШТЫРУУ жыйыштыр** этишинин кыймыл атоочу. *Тамак желип бүткөндө, Айганыш жыйыштырууга камынды* (Байтемиров).

**ЖЫК I: жык толуу** Бош орун калбай абдан толуу, топтолтура болуу, абдан көп болуу. *Кадырбайдын он эки канат ак үйү эркектер менен жык толгон* (Жантөшев). *Ак буудайым көп болсун, Кампага эгин жык толсун* (Үмөталиев). *Арманы ичке жык толуп, Акыры бүгүн муңайган* (Маликов).

**ЖЫК II** 1. Тике, буту менен турган абалынан кулап калган, жатып калган же сулап түшкөн абалга келтирүү. *Балбанды жыгып байге алган, Мендирман түшүп күрөшкө* («Мендирман»). *Эрте туруп азандан Үйлөрүн чечип жыкты дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сууга артылта жыккан карагайдын үстү менен аркы өйүзгө өтүштү* (Жантөшев). 2. Жеңип чыгуу, жеңишке жетишүү, баш ийдирүү, багынтуу, жеңүү. *Жыкмайынча качпагын, Беттешип калсаң жоо менен* (Токтогул). 3. Негиздүү, жүйөлүү болсо же болбосо да төлөөгө, айып тартууга, чыгым берүүгө ж.б. дуушар кылуу. *Он асыйга бир жыктың Орозаалы карыны* (Токтогул). *Аткарбасаң айтканды, Күнөөгө далай жыгармын* («Мендирман»). 4. Минген унаасын тартып алуу, мингенин тартып алып жөө калтыруу. *Жыгып алдың, Атакан, Тоялынын чалышын* (Токтогул). *Өчөшсөң, Миңбай, Атакан мени да жыгып аларсың* (Токтогул). 5. Жыгылыштуу абалга келтирүү, кемчилигин, сөзүнүн орунсуз болгондугун моюнга алууга аргасыз кылуу. *Чынкожо менен Толтойду, Жүйө менен жыккыла* («Семетей»). 6. Сууну арыкка буруу, кулак байлоо. *Кулагын байлап суу жыккан, Ал да эпкиндүү күжүрмөн* (Турусбеков).

**ЖЫК-ЖЫЙМА** Абдан көп, толтура, топтолтура. *Бир жеңишти күткөн элге, Клуб ичи жык-жыйма* (Турусбеков).

**ЖЫКТА** Толтуруу, толтура кылуу. *Суу ойнотуп куу талаага, Жыктап эгин айдатуу* (Бөкөнбаев).

**ЖЫКЫЛДА** Аябай көп болуу, жык толуу. *Жыйырма миң ат жыкылдап, Каптап келип калыптыр* («Манас»).

**ЖЫЛ I** 1. Жердин Күндү бир айланып чыгыш мезгили, 1-январдан баштап эсептелген он эки айлык убакыт өлчөмү. *Он жетинчи жылында Николай тактан жылбышкан* (Токтогул). *Жыл жаңырып, жаңы жылга айланды* (Осмонов). 2. Белгилүү бир күндөн баштап, жыл маалы болгонго чейинки он эки айга барабар убакыт. *Ракман аке он бир жылы кой баккан* (Осмонов). *Беш жылдан соң машинада баратып, Дуушар келдим ошол жердин өзүнө* (Токомбаев). 3. Кандайдыр мезгилдүү жумуш маалын,

окуунун ж.б. башталып аякталган мезгилин көрсөткөн убакыт өлчөмү. *Чарба жылы. Жаңы окуу жылы. Жаңы финансы жылынын башталышы.* 4. Кыргыздын элдик календары боюнча он эки айбандын атына коюлган төмөнкүдөй жыл сүрүү эсеби: 1) чычкан, 2) уй, 3) барс, 4) коён, 5) улуу (балык), 6) жылан, 7) жылкы, 8) кой, 9) мечин, 10) тоок, 11) ит, 12) доңуз. *Жылымды уксам жылкы экен* (Маликов). *Коён жылы төрөлдү* (Токомбаев).

**ЖЫЛ II** 1. Багыт алып акырын козголуп жөнөө, акырын кыймылга келүү, жылжыган абалда болуу. *Илбирсче Жунуш аңдып алга жылып, Баратты дөңчөлөрдү калка кылып* (Токомбаев). *Кой жатат төш таяна жуушап жылбай* (Үмөталиев). *Поезд жылып келип токтоду* (Сасыкбаев). 2. Тымызын, көзгө чалдыкпаган аракетте болуу, билинбей, байкалбай жөнөп кетүү, астыртан билгизбей аракет кылуу. *Канай кылмышкер кишидей үйгө жылып кирди* (Турусбеков). *Деги аман-эсен эле бир жакка жылып кетсек экен* (Жантөшев). *Жылып качты астыртан Алоокенин калмагы* («Манас»). *Жылып жүрүп бардык ишти бүтүрдү* (Бейшеналиев). 3. Ордунан козголуп, сыйлыгышып жылбышып кетүү. *Жууркандын жүнү жылып кетиптир.* 4. Илгерилөө, аз-аз жылыш, өзгөрүш бар экендиги билинүү. *Иши алга жылды.*

**ЖЫЛ АЖЫРАШ** Кыргыздын байыркы календары боюнча эски жыл бүтүп, жаңы жыл келди деген күнү аткарылуучу салттык ырым-жырымдар, нооруз.

**ЖЫЛ АЙЛАНБАЙ** Анча көп убакыт өтпөй, бат эле, тез эле, аз убакыттын ичинде. *Биринчи күндөн экөөбүздүн мамилебиз келише алган жок. Жыл айланбай ажырашып кеттик* («Ленинчил жаш»).

**ЖЫЛ НААМА** *адаб.* Тарыхый окуяларды жылма-жыл хронологиялык тартип менен баяндаган жазуу, китеп.

**ЖЫЛ ОҢДУУЛОО** Эски түшүнүк боюнча катаал деп эсептелген жылы (жылан жылы) жол жүрбөй, казатка чыкпай ж.б. жеңил деп эсептелген жылдын келишин күтүү, акмалоо, байкоо.

**ЖЫЛ СҮРҮҮ** Бир мүчөл (12 жыл) ичиндеги мезгилдин эсептелиниши жана мүчөлдүн жылдары боюнча кишинин канча жашта экендигин, кайсы жылы туулгандыгын, белгилүү бир окуянын качан болгондугун аныктоо, эсептөө. *Жылымды сурсөм жылкы экен* (Маликов).

**ЖЫЛААЖЫН** Кыймылдаганда шыңгыраган уккулуктуу үн чыгаруу, көбүнчө алгыр куштарга тагылуучу кичинекей шарча түрүндөгү коңгуроо. *Алтын куштун бутундагы жылаажыны шыңгыр этип калды* («Жомоктор»). *Көнөктөй болгон жылаажын* («Семетей» С.К.).

**ЖЫЛААЖЫНДАЙ** Өтө мукам, назик, жылаажындын үнүндөй, уккулуктуу (үнгө карата). *Карагаттай мөлтүрөгөн көзүңдү, Балдан таттуу жылаажындай сөзүңдү* (Токомбаев).

**ЖЫЛААЖЫНДУУ** 1. Жылаажындын үнүндөй мукам, өтө назик үнү бар, уккулуктуу, кулакка жагымдуу. *Калыймандын жылаажындуу дабышы Жез комуздай шыңк этип* («Семетей»). 2. Жылаажын тагылган. *Жылаажындуу куш.*

**ЖЫЛАН** 1. Ийрелендеп сойлоп жүрүүгө ылайыкталган узун, жумуру денелүү, буттары жок, көбүнчө чагып алууга жөндөмдүү уулуу жаныбар. *Кара чаар жылан. Суу жылан. Ок жылан. Сары жылан.* ‖ *Динар шиберди как жарып туурага атырылган жыланды көрдү* (Сыдыкбеков). 2. Он эки айбандын аты менен аталган кыргыздын элдик календарында жыл сүрүү эсебиндеги эң катаал деп эсептелген алтынчы жылдын аты. *Жылан жылы жут болду* (Жантөшев). 3. *өт.* Бирөөнүн кара санатайлыгын, душманынын заардуулугун, катаал ырайымсыздыгын, ач көздүгүн ж.б. терс сапаттарын билдирүүдө колдонулат. *Гитлер деген сур жылан* (Үмөталиев). *Батыштан жылан сойлоп өткөн эле, Удургуп кара булут жеткен эле* (Үмөталиев).

**ЖЫЛАН БООР** Тилик кайыштан, көктөн жүгөн, куюшкан, камчыны жыландын бооруна окшотуп тандай-тандай кылып өрүү ыгы. *Кулжан эликтин шыйрагына саптапган жылан боор камчысы менен куурайларды чапкылап баратты* (Байтемиров).

**ЖЫЛАН ӨЛТҮРӨЙҮН ДЕСЕ, ТАШ АЛЫП БЕРБЕГЕН** Эч кимге жакшылык кылбаган, колунан эч жакшылык келбеген, кара санатай, кара өзгөй. *Жакшы күнүңдө жакшы ишиңе орток болуп, жаман күнүңдө жылан өлтүрөйүн десең, таш алып бербей тескери караган сөлөкөттүн кереги жок* (Касымбеков).

**ЖЫЛАН СЫЙПАГАНДАЙ** Такыр эчтемеси калбай, тыптыйпыл, жып-жылма болгондой. *Үй күтпөдүм же атакелетип бала өппөдүм! Өрт өчкөндөй, жылан сыйпагандай болуп гана кеттим ээ!* (Сыдыкбеков). *Айыл үстүндөгү бодо мал жылан сыйпагандай сүрүлдү* (Осмоналиев). *Эки күндөн кийин эле жылан сыйпагандай болуп калат* (Бердикеев). *Үйүнүн ичи жылан сыйпагандай* (Жантөшев). *Талаанын адырларынан чаң ызгып жылан сыйпагандай кубарат* (Абдукаримов).

**ЖЫЛАН ЧАКПАЙ, ЖЫЛКЫ ТЕППЕЙ** Эч нерсе болбой, жөндөн жөн, эч себепсиз, өзүнөн-өзү эле. *Чарбанын иши чатак экен деп, бригадири Асанкожоев аксакал «жылан чакпай, жылкы теппей» ишти таштап баса берди* («Чалкан»). *Жылан чакпай, жылкы теппей эле учетчик эмгегин сураган Кожобектин жер-жеберине жетти* («Чалкан»). *Жылан чакпай, жылкы теппей*

*сага эмне болду?* («Ленинчил жаш»). **В.: Жылкы теппей, жылан чакпай.** *Жылкы теппей, жылан чакпай эчтемеден эчтеме жок, Айдайдын үйгө кетип калышына жол болсун* (Жантөшев). *Жылкы теппей, жылан чакпай эмне болуп кетти сага?* (Бердикеев).

**ЖЫЛАНДАЙ ЫШКЫРУУ** Каарын төгүп зиркилдеп, катуу ачууланып туруу, каары бетине айланып, заарын чачып туруу. *Чал ызасын кимден аларын билбей жыландай ышкырынып отурган эле* (Укаев). *Өз үйүндө да жыландай ышкырып отургандыктан катын-балдары анын кай жагынан чыгып калаарын билбей кыпылдап туруша турган* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛАНДЫН БАШЫН КӨРСӨТҮҮ** Коркута турган, чочута турган, сестене турган сөздүн четин чыгарып коюу. *«Берсин кызын, эгер көнүшпөй кайкалай турган болсо...», – деп жыландын башын көрсөтөт* (Осмоналиев). **В.: Жыландын башын кылтыйтуу.** *Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, эми жыландын башын кылтыйтпаңыз, Мырза!* (Тойбаев). *Ошентип бий жыландын башын кылтыйтып койду* (Убукеев). *Арадан эки жыл өткөндө карапайым күйөө жыландын башын кылтыйтат: «Арман күн, артымда туяк калбай турган болду»* (Каимов). **Жыландын башын чыгаруу.** *Көрсөң, жыландын башын чыгарып турганын!* (Айтматов). *Ал мултүлдөтүп, жыландын башын чыгара табышмактатканды жакшы көрбөйт* («Кыргызстан маданияты»). *– Булүнтүү оңой, мусулмандар, – деп көзүн кылыйтып, жыландын башын чыгарды кеңешчи* (Касымбеков). *Жыландын башын чыгарып сүйлөдү* («Ала-Тоо»). *Тоотпой баратса, жең учунан жыландын башын чыгарып кой* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАНДЫН КУЙРУГУН БАСЫП АЛУУ** Байкоосуз айткан сөзү же олдоксон иштелген иши менен бирөөнүн жинине тийип алуу, каарына калуу, байкабай сүйлөп жиберип бир балакетке кабылуу. *Жыландын куйругун басып алба балам, ыгын таап сүйлөшкүн,– деди атам* («Ала-Тоо»). **В.: Жыландын куйругун басуу.** *– Айланайын коегөр! Балээсине биз калабыз! Жыландын куйругун баспадыкпы?* (Үмөталиев). *Элеманды куткара албады. Издеп барып жыландын куйругун басты* (Укаев). *Жыландын куйругун басып, кайран журтту курутуп алмак болгон экен...* (Касымбеков).

**ЖЫЛАНДЫН ТИЛИН БИЛҮҮ** Абдан кыйын, өтө айлакер, чебер, колунан баары келет деген мааниде. *Курманкулов бала эмес, мажбурласа жыландын тилин билген киши* (Егиналиев).

**ЖЫЛАНДЫН УЮГУНА ТИЙҮҮ** *к.* **аарынын уюгуна тийүү.**

**ЖЫЛАҢАЙЛАК** Бут кийими жок, жыңайлак. *Жылаңайлак тоо-ташты, Жол кылгандар аманбы* (Токтогул). *Нина Леонтьевна бут кийимин колуна алып жылаңайлак басты* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАҢАЧ** 1. Үстүндө кийими жок, кийимсиз. *Куз айларында да бел кырчоого чейин жылаңач туруп иштөөгө туура келет* (Абдукаримов). *Кээде шуудурумдун буркундусу жылаңач балтырына себилет* (Сыдыкбеков). ‖ Кийим-кечеси жок же абдан начар, жыртык-тешик, жетишсиз. *Иштебей койсо ач калат, жылаңач болот* (Сыдыкбеков). 2. Бетинде, боорунда эчтеме жок, бак-дарак, өсүмдүк өспөгөн (жерге карата). *Сары-Аркаң суусуз чөл экен, Жылаңач жаткан жер экен* («Манас»). *Жылаңач тоолордун түнөргөн капалуу түрү жолоочулардын көңүлүн ого бетер куса кылды* (Абдукаримов). 3. Жалбырагы түшкөн (бак-даракка карата), жасалгасынан, жабуусунан ажыраган (үй-жайга карата). *Жылаңач теректер. Жылаңач үй.* 4. Жүнү жок, жүнү түшкөн. *Жүгүрсө ок жетпеген, Жүну тайкы жылаңач* (Калык). *Метис козу жылаңач болот экен* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛАҢАЧ БААТЫР** Өзүндө эч нерсе калбаса да, колундагысын аябаган берешен, колу ачык, март. *Бир кезде мен дагы жылаңач баатыр элем* («Ала-Тоо»). *Тоозак болсо кедейлердин арасында жылаңач баатыр* (Абдукаримов). *Тезекбай ырчы тамырынын жылаңач баатыр, жоомарттыгына бу саам дагы топуктанды* (Бейшеналиев). *Сапарбек башына кандай кара күн тууса да бир кайышпай турган жылаңач баатыр* (Элебаев). *Качыке деген жылаңач баатыр ушул* (Абдукаримов).

**ЖЫЛАҢАЧ ТӨӨНҮ БУЧКАККА ЧАПКАНДАЙ** Эч токтоосуз, буйдалбастан, шыдыр, шар. *Жылаңач төөнү бучкакка чапкандай жооп берди.* **В.: Жылаңач төөнү бутка чапкандай.** *Жоодар жылаңач төөнү бутка чапкандай сүйлөдү.* **Жылаңач төөнү шыйракка чапкандай.** *Жылаңач төөнү шыйракка чапкандай шар кетти.* **Күлүк атты бучкакка чапкандай.** *Күлүк атты бучкакка чапкандай айдатып сүйлөгөн эле* (Өмүрбаев).

**ЖЫЛАҢАЧТА** 1. Кийимин чечип, жамынган жамынчысын ж.б. алып таштап, жылаңач калтыруу. *Кийимин дырдай чечтирип, Жылаңачтап салышты* (Тоголок Молдо). 2. Боз үйдүн жабууларын, үйдүн керегесиндеги жасалгаларын ж.б. сыйрып алуу, керегеси көрүнүп калуу. *Үйүн жылаңачтап жайлоого көчкөн жатышат* (Жантөшев). ‖ Кабынан, кынынан чыгарып жалаң өзүн калтыруу (мисалы, кылычты), бетиндеги, боорундагы өсүмдүктөрүнөн ажыратуу (мисалы, тоону) жалбырактарын жок кылуу (мисалы, бак-даракты). *Нече ирет коркпой жоого каршы чапты, Кылычын жылаңачтап ири алдында* (Үмөталиев).

**ЖЫЛАҢАЧТАН жылаңачта** этишинин өздүк мамилеси. *Сабхаттын таңылуу ийни жылаңачтана түштү* (Сасыкбаев). *Кыштак жылаңачтанып көчөлөр коңур турат* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАҢАЧТАТ жылаңачта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛАҢАЧТОО жылаңачта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛАҢАЧТЫК** 1. Жылаңач абал. 2. Кийим-кечении жоктугу, жетишсиздиги, начарлыгы. *Ач-жылаңачтыкка кайыл болуп жүрүп окуусун ийгиликтүү аяктады.*

**ЖЫЛАҢАЯК жылаңайлак** менен бирдей. *Мен колума тобулгудан таяк алып жылаңаяк, айылга жетип бардым* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАҢБАШ** Башында баш кийими жок, баш кийимсиз,. *Шамбет, Сергей – экөө бирдей жылаңбаш, шайдоот* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАҢБАШТАН** Баш кийимин башынан алуу, баш кийимсиз болуу. *Шамбет локуюп ортодо жылаңбаштанып отурду* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛАҢБАШТАНТ жылаңбаштан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛАҢБАШТАНУУ жылаңбаштан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛАҢБУТ жылаңайлак** менен бирдей. *«Мен чечем бул түйүндү»,– деп сүйлөдү Жылаңбут, ак сакалдуу бир карыя* (Бөкөнбаев).

**ЖЫЛАС** 1. Жек көргөндө, тилдегенде же башка учурларда «оңбогур», «түгөнгүр», «кудай алгыр» маанисинде колдонулат. *Жыргап жаткан жеримден, Жылас чүрөк козгойсуң* («Семетей»). *Жыландары жыластын, Бүктөп турган аркандай* («Сейтек»). *Жылас алгыр пулемёт, Ок жаадырып турганы* (Токомбаев). *Арт жагында жыйырмасы, Ашкере баатыр, жыласы* («Манас»). *Бири миңге татыган, Тегиз көк жал жыласы* («Манас»). 2. Жок болуп, жоюлуп, куруп бараткан абал, оор, катаал, мүшкүлдүү кыйынчылык. *Сиз замандын жылас кезинде жаралдыңыз* (Тоголок Молдо). *Жыргалыңдан жыласым, Найза салым көп экен* («Сейтек»).

**ЖЫЛАС БОЛУУ** Орду-түбү менен жок болуу, жоюлуу, жоголуу. *Жылас болду тамдар урап жыгылып* (Үмөталиев). *Калың эл бул кыргындан чыгар бекен, Болбосо жылас болуп тынар бекен* (Токомбаев). *Эшенди колго түшүрүштү. Акмат мерген жылас болду* (Мияшев). *Жылкың менен жылас бол, менде аянар ал калган жок, колуңарга өлөм! – деп, союл шилтейт* (Өгөбаев).

**ЖЫЛАС КЫЛУУ** Жок кылуу, жер менен жексен кылуу, таш-талканын чыгаруу, тыптыйпыл кылуу. – *Жылкычыңды сенин! Жылас кылып барыңды!* (Өгөбаев). *Атамдын кунун аламын, Өз атамды баш кылып, Жылас кылып таштады* («Семетей»). *Жылкы тийген эрлерди, Жылас кылып салгыла* («Эр Табылды»). *Дөөгүрсүгөн дөөлөрүн, Жылас кылып, таштады* («Семетей»). **В.: Жыласын чыгаруу.** *Чыгарса ошол чыгарат Курманбектин жыласын* («Курманбек»). *Бирок, турмуш жыргайм дегендин жыласын чыгарып келген* (Ашымбаев). *Чыгарса ошол чыгарат Курманбектин жыласын* («Курманбек»).

**ЖЫЛБАЯН** Болуп өткөн тарыхый окуялардын жыл-жыл боюнча баяндалып жазылышы, **жылнаама** менен бирдей.

**ЖЫЛБЫРСКА** 1. Жылтырак келген, жылма келген кыска (чач, жүн жөнүндө). *Айымкан баласынын жылбырска кара чачын сылагылайт* (Осмоналиев). 2. Ара туулган, ичтен өлүү түшкөн малдын төлүнүн жүнү өтө кыска териси. *Атабек ара туулуп өлгөн жылбырска кара козунун терисин берди* (Жантөшев).

**ЖЫЛБЫРЫСКЫ жалбырска** менен бирдей. *Биздей каракесек муну эшиткенде эмне майнап? – деп карт мерген башындагы чаарчыктын чапкил жылбырскысынан үч эли кылып кырдалган телпегин чекесинен желкесине жылдыра маңдайын сылады* (Абакиров).

**ЖЫЛБЫТ** Астыртан, тымызын, жең ичинен, билмексен болуп иштөө, аракет кылуу, сөз сүйлөө. *Эчтемени билбегендей болуп жылбытып жүрө берип өз максатына жетти* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛБЫШ жылмыш** менен бирдей. *Жонумдан ылдый жылбышып бара жаткан буума капты ыргытып жибере жаздайм* (Айтматов).

**ЖЫЛБЫШКАК** Жылбышып турган, жылмышып кетме, сыйгалак.

**ЖЫЛГА** 1. Узатасынан улам төмөндөп тилкеленип кеткен кокту, суу, сел жүрүп салааланып кокту болуп кеткен нуктуу жер, тоодогу салаа тартып тармактанып узатасынан кеткен кууш өрөөн. *Муздак булак жылгадан, Агып турат шылдырап* (Бөкөнбаев). *Жылганын ичинде таштан ташка, тийип, мөңкүп аккан көк кашка суу бар* (Баялинов). *Андрейдин үйү ушунун ары жагындагы жылгада болуучу* (Байтемиров). 2. Тилкеленип же жол-жол болуп кеткен из. *Аттардан жылга-жылга тер кетти* (Айтматов). *Жондоно кеткен жылгалар. Кургакта калган балыкпы?* (Жаркынбаев).

**ЖЫЛГАЛАН** Жылга болуп тилкеленип кетүү, салаа-салаа, жол-жол тартып кеткен көрүнүштө болуу. *Тырыша жылгаланып арык жаагы* (Абдыраманов).

**ЖЫЛГАЛУУ** Жылгасы бар, жылгалары көп. *Тектири көп жылгалуу, Тескейи тулаң чөбүбүз* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЛГАМ** Чөптүн бир түрү.

**ЖЫЛГАЧА** Кичинекей жылга, жылга сыяктуу салааланып кеткен жер. *Адыр-күдүр жылгача, Жылгачаны чалбасын* («Сейтек»).

**ЖЫЛГАЯК** Үстүнкү бети сыйгалак, тайгалак, тайып кете тургандай жылбышкак. *Долон бел кырка жонун ак кар баскан, Жолунда көк жылгаяк муздар жаткан* (Маликов).

**ЖЫЛГАЯК ТЕБҮҮ** Коньки, чана ж.б. менен муз үстүндө же тапталган кар үстүндө сыйгаланып ойноо, муз тебүү.

**ЖЫЛГАЯКТА** Сыйгалана жылуу, тайгаланып сүрүлүү, жылгаяк тебе жылуу. *Жылгаяктап барып токтоду.*

**ЖЫЛГЫЗ жылдыр** менен бирдей.

**ЖЫЛГЫН** Кызгылт түстө топ-топ болуп чыгуучу чырпык сыяктуу бадал. *Чоң Талас токойлуу келет: мында көбүнчө ак терек, чычырканак, жылгын жана карагайлар өсөт* (Каимов).

**ЖЫЛГЫНДУУ** Жылгын өскөн, жылгын көп чыккан. *Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас Конуп алды кайран эр* («Семетей»).

**ЖЫЛГЫНДЫ** *диал.* Жылгын өсүмдүгүнүн уук, кереге жасаганга жарай турган жоон, жылма келген бир түрү. *Чу суусунун бир жеринде жылгынды укмуш өсөт экен.*

**ЖЫЛДАШ** Бир жылы туулган, жашы тең. *Мага жылдаш айылда бир киши жок* (Токомбаев).

**ЖЫЛДЫЗ** 1. Түнкүсүн жаркыраган чекит сыяктанып көрүнгөн асман телосу. *Асмандын бетин бербей жайнаган сансыз жылдыздар да жылдыздардын арасында жаркыраган ай да жарыгын төгөт* (Байтемиров). 2. Айланадан бирдей аралыкта жанаша жайланышкан учтуу урчуктары бар жылдыз сымал геометриялык фигура; ошондой формадагы значоктун, ордендин белгиси. *Акылбектин төшүндө, Кызыл жылдыз жаркырап* (Нуркамал). *Төлдөтүп ашык чарбасын, Төшүнө жылдыз тагынган* (Осмонкул). 3. *өт.* Адамды өзүнө тарткан сүйкүмдүүлүк, мээрим. *Жылдызы экен адамдын, Ким жактырбайт мындайды* («Курманбек»). ‖ Көбүнчө балдарды эркелеткенде, сүйгөндө мээримдүү, сүйкүмдүү деген мааниде айтылуучу сөз. *Алдей, алдей алдей ай, Таңкы чолпон жылдызым* (Токомбаев). *Жакшы түш көрүп жат, жылдызым,– деди Гүлайымга Алыкул* (Абдукаримов). 4. *өт.* Белгилүү, таанымал, көрүнүктүү, кадырбарктуу, *Жакшы уул – көктөгү жылдыз, жакшы кыз – жакадагы кундуз. Ааламында жаркыраган, жайнаган, Айтматовдун чыгармасы – бүт Жылдыз* (Акматалиев).

**ЖЫЛДЫЗ КУРТ** Денеси муунак-муунактуу келип, караңгыда фосфордуу майда точкалары жылтырап көрүнүүчү курт.

**ЖЫЛДЫЗ ТОЛУУ** Түн кирип, жылдыздар жакшы көрүнгөн маал. *Алар жылдыз толгондо Шертайдыкына жетип келишти* (Бердикеев).

**ЖЫЛДЫЗДУУ** 1. Жылдыздар көрүнүп турган ачык (асмандын түнкү көрүнүшүнө карата). *Жылкы баккан кишиге Жылдыздуу, айлуу түн кызык* (Осмонкул). 2. Мээримдүү, ыманы ысык, жайдары, сүйкүмдүү. *Жолуктум суу боюнан сулуу кызга, Жылдыздуу ыманы ысык бойго жеткен* (Абдыраманов). 3. *өт.* Бактылуу, таалайлуу. *Жылдыздуу балалык.*

**ЖЫЛДЫЗЧА** Жылдыз формасындагы белги (мис. китептерде).

**ЖЫЛДЫЗЫ АЧЫЛУУ** Иши оңолуу, зоболосу көтөрүлүү. *Дубандык ашта атпай журттун өкүлдөрүнүн көзүнчө досунун жылдызы ачылганга өзүнчө жээлигип сүйүнгөн Букарбай* (Бейшеналиев).

**ЖЫЛДЫЗЫ ЖАРЫК** Жаркылдаган, жайдары, сүйкүмдүү. *Кужүрмөн, карапайым, жылдызы жарык ургаачы* (Бердикеев). **В.: Жылдызы артык.** *Ойдогуну айттырбай билген, Жылдызы артык жакшынакай кыз экен* (Египалиев). **Жылдызы жанган.** *Ал – буудай жүздүү, жоодур көз, жылдызы жанган кер мурут жигит экен* (Медетов).

**ЖЫЛДЫЗЫ ЖЕРГЕ ТҮШҮҮ** Көңүлү чөгүү, капа болуу, кабагы ачылбай түнөргөн, маанайы пас абалда болуу. *Жылдызы жерге түшүп, кепичин бутуна араң салып, жука чапанын желбегей жамынган бойдон теңселе басып, сөөдүрөп түшүп кетти* (Касымбеков). *Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүнесе жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүң* (Айтматов). *Азыр эле баласына сыймыктанган Асанбайдын жылдызы жерге түштү* (Жантөшев). *Жетимдикте баланын, Жерге түшөт жылдызы* (Осмонкул). *Капсалаңдын жылдызы жерге түшүп, үшкүрүгү таш жарат* (Бейшеналиев). **В.: Жылдызы түшүү.** *Хан өзү жооп таппай отурган суроого Султанмурат кайдан жооп бермек, Жылдызы түшүп шалдырады* (Касымбеков). *Шарипанын жылдызы түшүп ойлуу, кабагы салыңкы, маанайы пас, күйөөсүнүн кол булгап чакырганына кайдыгер кейпи бар* (Кушубеков). *Неси болсо да Кийизбай атка конгону байдын шагы сынып, жылдызы түшүп отурганы ушул го* (Сыдыкбеков). **Жылдызы урап түшүү.** *Бай-манаптар жылдызы урап түшкөнүн сезди* (Убукеев). **Жылдызы өчүү.** – *Мамбет жылдызы өчкөн элди түрүлтө кыжырлуу бакырды* (Бейшеналиев). *Үй толтура кишинин кимиси болсун жашып, каңырыгы түтөп, жылдызы өчүп, аза күткөндөй үңкүйүшөт* (Саатов).

**ЖЫЛДЫЗЫ ЖОК** Сүйгүнчүгү жок, жагымдуу эмес. *Жылдызың жок экен, – деди Мээркан аны көрөр замат* (Жусупов). *Өзү да бир адамга жылдызы жок* (Элебаев).

**ЖЫЛДЫЗЫ КАРШЫ** Бири бирине өч, бири-бири менен келише албаган, өз ара каршы, жактырбаган. *Экөөнүн башынан жылдызы каршы* («Ала-Тоо»). *Эмне үчүн мага жылдызы каршы кишини жаныма отургузасың* (Сыдыкбеков). *Чотондун ашкере бой көтөрө эрес талашкансыган кей-*

*пи, Алымбек даткага жакчу эмес, жылдызы каршы сыяктуу киши болучу* (Касымбеков). *Турмушта кээде бир эле көрүшкөн кишилердин жылдыздары каршы болуп, алар сүйлөшпөй, сырдашпай туруп эле эмнегедир бирин-бири жактырбай калышат* (Акматов).

**ЖЫЛДЫЗЫ ӨЧҮҮ** *к.* **жылдызы жерге түшүү.**

**ЖЫЛДЫЗЫ ТОГОШУУ** Мамилеси туура келүү. *Ажеп болуп жылдызыбыз тогошсо, кыт жанар сезим кушун кайтарган* (Медетов). **В.: Жылдызы келишүү.** *Жолду катар болсун, Анжиянда болсун дайыма бирге жүрүп, жылдызы келишип жакшылап таанышкан* (Үмөталиев).

**ЖЫЛДЫЗЫ ТҮШҮҮ** *к.* **жылдызы жерге түшүү.**

**ЖЫЛДЫЗЫ ЫСЫК** 1. Сүйгүнчүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу, мээримдүү. *Жылдызы ысык, илбериңки, татынакай кыз үйдү айланып чуркап кетти. Өзүмө кошо төрөлгөн, Жылдызы ысык көрүнгөн, Өткөрө тулпар Torучаар* («Манас»). 2. Өтө ынак, ынтымактуу, таттуу. *Ал экөөнүн жылдызы ысык* **В.: Жылдызы жылуу.** *Жылдызың жылуу учурагандык-тан жардам кылып отурам* (Жантөшев). *Эпилдеген илбериңки, жылдызы жылуу бала экен* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛДЫК** 1. Мезгили, мөөнөтү жагынан жыл боюнча эсептелген, белгилүү бир сандагы жылга тете келген. *Жылдык план. Беш жылдык мөөнөткө шайланды. Беш жылдыкты төрт жылдыкта, Аткарууга шерт берип* (Бөкөнбаев). *Бир жылдык кызмат кылмакка, Тайга жүрдүң кедейлер* (Тоголок Молдо). 2. Кандайдыр бир окуянын белгилүү жылга толушуна байланыштуу салтанаттуу түрдө белгиленүүчү календардык дата, күн. *Токтогулдун элүү жылдыгы.*

**ЖЫЛДЫР** 1. Кандайдыр бир нерсени ордунан козгоо, экинчи бир жерге которуу, илгери карай түртүү. *Тиги капты жылдырып койчу* (Токомбаев). *Жылдырды батунусту биз тарапка* (Үмөталиев). *Жетимиш балбан биригип, Жерден араң жылдырган* («Эр Табылды»). 2. Акырын, жай, илкитип айдоо. *Жылкыны айдап кетелик, Жылдырып элге жетелик* («Эр Табылды»). *Койду короого жылдырып келчи* (Мидин). 3. Тымызын, астыртан иштөө, билгизбей аракет кылуу, астыртан кеп-сөз жөнөтүү. *Карайсың көзүң кылгырып, Кыйытып айтып жылдырып* («Ала-Тоо»). 4. Алга, жөнөтүү, илгерилетүү. *Уюмдун ишин алга жылдырды.*

**ЖЫЛДЫРМА** 1. Билмексен болуп тымызын, астыртан кеп-сөз айтуучу же аракет кылуучу митайым. *Жылдырма билиндирбей ушак айтат, Көнгөн соң бул мүнөзгө кантип кайтат* (Тоголок Молдо). 2. Түздөн-түз ачык айтылбай, байкамаксан же билмексен болуп айтылган, акырындап таралуучу (көбүнчө сөзгө карата). *Жылдырма сөз.*

**ЖЫЛДЫРМАН** Эчкинин териси каптал ып жасалган тегерек музыкалык аспап. *Эки жылдырман, эки сурнайчы келип ойноп турат* («Эл адабияты»).

**ЖЫЛДЫРТ жылдыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛДЫРУУ жылдыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛДЫРЫШ жылдыр** этишинин кош мамилеси.

**ЖЫЛЖАКТА** Орду жок, эби жок күлө берүү (адамдын жүрүш-турушу жөнүндө). *Жылжактап күлүп, обу жок жүрөт аялы* (Мидин).

**ЖЫЛЖАКТОО жылжакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛЖАҢДА жылжакта** менен бирдей.

**ЖЫЛЖУУ жылжы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛЖЫ** 1. Жай, акырын жылып агуу, сызыла чыгуу (суу, суюктукка карата). *Булактан суу жылжыды.* ‖ *Жылжып аккан күмүш булак сүйкүмдүү шылдырайт* (Каимов). 2. Абдан жай басуу, абдан жай жыла жүрүү, өтө жай, акырын жылган кыймыл-аракетте болуу. *Жүкөш жылжый басып эшиктен баш бакты* (Абдумомунов).

**ЖЫЛЖЫКТА жылжакта** менен бирдей.

**ЖЫЛЖЫМЫШ** Көзү абдан жүлжүйгөн, көзү абдан кууш. *Жылжымыштай көздөрү, Корkконунан жылтылдайт* (Токомбаев).

**ЖЫЛЖЫТ жылжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛЖЫТМА жылдырма** менен бирдей.

**ЖЫЛКАЯК** *туурасы:* **жылгаяк.** *Көк жылкаяк муз.*

**ЖЫЛКЫ** 1. Күч унаа катарында пайдаланылуучу жал куйруктуу, сом туяк үй жаныбары, төрт түлүк малдын бир түрү. *Жылкы ичинде чоң тору ат Боолук салса карматат* (Тоголок Молдо). *Жон-жондон көзгө элестейт, Жылкы айдап жүргөн жигиттер* (Маликов). *Алдында минген жапалдаш карагер мышыктай элпек жылкы экен* (Сыдыкбеков). 2. Он эки айбандын аты менен аталган кыргыздын жыл сүрүү эсебиндеги жетинчи жылдын аталышы. *Жылымды сурсөм жылкы экен* (Маликов).

**ЖЫЛКЫ ЗАВОДУ** Асыл тукум жылкы өстүрүүчү чарба. *Жылкы завод аттары Жээрде кашка, марал баш* (Осмонкул).

**ЖЫЛКЫ КЫЯЛ** Чунандап мүнөзү тез өзгөрүлүп турган, чырт дей түшмө. *Ал өзү жылкы кыял, кишинин баары менен урушуп жүрөт* (Абдукаимов). **В.: Жылкы мүнөз.** *Кээ адам жылкы мүнөз болот, ушул жигитке жумшак мамиле жакпайт* (Укаев).

**ЖЫЛКЫ ТЕППЕЙ, ЖЫЛАН ЧАКПАЙ** *к.* **жылан чакпай, жылкы теппей.** *Жылкы теппей, жылан чакпай, эчтемеден эчтеме жок, Айдайдын үйгө кетип калышына жол болсун* (Жантөшев).

**ЖЫЛКЫЛУУ** Жылкысы бар, жылкысы

көп, жылкыга бай. *Мен жылкылуу жерденмин, Эл тулпарын багамын* (Маликов).

**ЖЫЛКЫҢА ЧЕНЕП ЫШКЫР!** Абалыңды, чаманды байка, алыңа, мүмкүнчүлүгүңө жараша иш кыл. *Жылкыңа ченеп ышкыр, Советти кайсы союл менен жыга чапканы жүрөсүң!* (Саатов). *Эмне дешсе, ошо дешсин. Мен өзүмдүн жылкыма ченеп ышкырамын* (Тойбаев). **В.: Жылкыңа карап ышкыр.** *Жылкыңа карап ышкыргын дебедим беле?!* (Жоошпаев).

**ЖЫЛКЫЧЫ** Жылкы кайтарган, жылкы баккан адам. *Желдей учкул ат минген, Жергемдеги жылкычы* (Токомбаев). *Укуругун сүйрөтүп, Ышкырышты жылкычы* (Токомбаев) *Жылкычы болуп бээ бактың* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЛКЫЧЫ КОЙ** Кышында жылкыларды кыштоодон алыскы талааларда багып жүргөн колуктунун атасынын жылкычысы күйөө баланын айылына келип сурай турган кой. Салт боюнча күйөө баланын атасы ага кой же акча берген.

**ЖЫЛКЫЧЫ КУЧКАЧ** *диал.* Жылкычы чымчык.

**ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫК** Селкилдеп теңселип турууччу узун куйругу бар, жылкы менен кошо жүрүүчү көк ала чымчык. *А дегенде келгин куштардын кабарчысындай болуп жылкычы чымчык келди* (Каимов).

**ЖЫЛКЫЧЫЛЫК** 1. Жылкы багуучулук, жылкы багуу кесиби. *Деп Көбөк айтып берди болгон сырын, Жыйырмага жылкычылык толгон жылын* (Осмонкул). 2. *этн.* Күйөөгө узатарда кыздын атын алып келип аткарган кишиге күйөөсү тарабынан берилүүчү белек, акча. *Күйөөгө берген кыздын атын кармайбыз деп, жылкычылык алуу илгертен калган элдин салты экен.*

**ЖЫЛМА** 1. Бетинде быдыры, бүдүрү жок, тегиз, текши. *Ашым таштын жылма бетине тамгаларды түшүрө баштады* (Сыдыкбеков). 2. Тегиз, баарысын, бүтүндөй, бүт бойдон. *Күүлөп койсо жылкычы, Семетей жылма кырып салбасын* («Семетей»). *Чалкалмактын жылкысын, Жылма алып кетем деп* («Эр Табылды»). 3. *өт.* Тымызын, астыртан, анчалык көзгө түшпөгүдөй, анчалык билине бербегендей иштелген. *Билем жылма митаамдыктарын, Булар соо жүргөн жок* (Байтемиров)

**ЖЫЛМАЙ** Күлүмсүрөө, күлүмсүрөгөн кейипте болуу. *Жигиттен жигит иргейсиң, Жылмая карап күлбөйсүң* (Осмонов). *Жылмайсаң эрдиң гүлдүн түрүн алат, Жүрөгүм анан кантип жатмакчы жай* (Токомбаев).

**ЖЫЛМАЙТ жылмай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛМАЙЫҢКЫ** Күлүмсүрөгөн абалда, кейипте. *Каныбек акырын ууртунан жылмайыңкы күлүп учурашты* (Жантөшев).

**ЖЫЛМАКАЙ** Үстү, бети тептегиз, сыйгалак, быдыр-бүдүр жок, жылма. *Жылмакай үстөл.*

**ЖЫЛМАКЕЙИН ЖЫЛДЫРУУ** Бир ишти астыртан бүлдүрүп, былгытып коюп, билмексен болуп калуу. – *Жылмакейин жылдырып коюп, анан «мен эмне кылып ийипмин» деп коёт* (Даникеев). **В.: Жылдырмасын жылдыруу.** *Көрдүңөрбү? Жылдырмасын жылдырып бардык ишти бүлдүрүп коюп, төртүнчүлөрдү билбейт имиш!* (Тойбаев).

**ЖЫЛМАЛА** 1. Жылма тегиз абалга келтирүү, одуракай же быдырлуу, уңкул-чуңкул жерлерин тегиздеп жылмакай түргө келтирүү. *Сатар шыргыйдын кабыгын аарчып, бутактарын бутап жылмалап койду* (Таштемиров). *Жыгаччы сүргү сүргүлөп тактайды жылмалады* (Сыдыкбеков). 2. Кандайдыр бир болгон ишти, айтылган кеп-сөздү так өзүндөй эмес, бир аз түзөп, сыпайылап башкачараак айтуу. – *Кечиргин Маруся, мен элчилеп жылмалап айткан сулуу сөздү билбейм* (Жантөшев).

**ЖЫЛМАЛАН жылмала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖЫЛМАЛАТ жылмала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛМАЛОО жылмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛМАҢ: жылмаң-жылмаң** 1. Күлүмсүрөп жылмая караган көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Куучуйган абышка Тагайга карап жылмаң этип койду* (Жантөшев). 2. Шыпылдаган, тартынбай эпилдеп-жепилдеген, ичи-коюнга кирген аракетти билдирүүдө колдонулат.

**ЖЫЛМАҢДА** 1. Жылмая күлүмсүрөө, жылмаң-жылмаң этүү. *Биздин жаныбызга жылмаңдап эки жаш келин олтуруп калышты* (Жантөшев). 2. Жалаңдап шыпылдаган, тартынбаган өткүр мамиледе болуу. *Жылмаңдап оокат үчүн маймыл болгон, Эмеспи ал митайым анык кесеп* (Маликов).

**ЖЫЛМАҢДАТ жылмаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛМАҢДОО жылмаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛМАР** *сейр.* Жылма болуу, жылма абалга келүү.

**ЖЫЛМАЮУ жылмай** этишинин кыймыл атоочу. *Бирок күлкүсү башка келиндердикиндей шаңкылдап чыкпастан, сыпаа гана жылмаюу менен токтолот* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛМЫЙ** Билинер-билинбес жылмаю, жөн гана жылмаюунун белгиси кылып ууртун тартып коюу. *Салтанат ууртунан жылмыя мени тиктеди* (Мавлянов).

**ЖЫЛМЫШ** 1. Май, суу ж.б. болгондуктан колго кармалбай сыйгалануу, колго токтобоо, жылбышуу. *Бычактын сабы майлуу экен, колго токтобой жылмышат* («Ала-Тоо»). *Тайгаланып чокойдун таманы жылмышып кетти* (Токомбаев). 2. Тайгалануу, сыйгаланып түшүү, сыйгалактап ордунан жылып кетүү. *Дагы бир жылмышса*

*сайга кулап кете турган* («Ала-Тоо»). *Жылдызкан акырын жылмышып түштү* (Байтемиров). 3. *өт.* Ордунан, кызматынан түшүү, кулоо. *Жумакадыров башкы бухгалтерликтен жылмышып, камакка алынды.* («Чалкан»).

**ЖЫЛМЫШТЫР жылмыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛМЫШУУ жылмыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛНААМА** Окуянаама, тарыхый окуяларды жылма-жыл хронологиялык баяндаган чыгарма.

**ЖЫЛОО** Жүгөндүн ооздугунун тегерек темирине тизгин менен чылбырдын бириккен, туташтырылган бөлүгү. *Абдумомун Түнкатардын атын жылоодон ала колтуктап түшүрдү* (Жантөшев). *Жылоосунан кармады.* («Манас» С.О.).

**ЖЫЛООЛО** Жылоодон алуу, жылоодон кармоо, суулуктоо. *Бурмаш сол колу менен кара кашканы жылоолоду* (Жантөшев).

**ЖЫЛООЛОО жылооло** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛПЫЛДА** 1. Кармалбай жылбышкан, колго токтобогон абалда болуу. 2. Коюнколтукка кирип, сөз менен жайпарып алдап кетүү.

**ЖЫЛПЫШ** *сүйл.* Сөзүндө турбаган, айтканынан жанган, туруксуз. *Жылпыштын айтканында алалы жок, Токтолгон бир сөзүндө карары жок.* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЛПЫШТА** Айткан сөзүндө, убадасында турбоо, тайсалдоо, сөзүнөн жануу, улам бирди айтып өзгөрүп туруу. *Кечээ күнү макул болду эле бүгүн андан кайтып жылпыштап калыптыр.*

**ЖЫЛПЫШТОО жылпышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛТ** 1. Оттон, нурлуу, жылтырак ж.б. нерселерден аз гана же чукул гана жарык, нур, шоола көрүнө калышын, чагылышын же тез-тез кайта-кайта көрүнө калышын билдирүүдө колдонулат. *Боз үйдүн төбөсүнөн чыккан оттун учкундары жылт- жылт этип жок болууда* (Жантөшев). *Караңгыда жылт эткен оттун жарыгынан башка эч нерсе көрүнбөйт* (Каимов). 2. Кыймыларакеттин өтө тез же күтүлбөгөн жерден болушун билдирүүдө колдонулат. *Жылдызкан жылт коюп жүгөрүнүн арасына кирди* (Байтемиров). *Бура тартып жылт берип, Түлкүдөй болуп мант берип* («Манас»).

**ЖЫЛТ БЕРҮҮ** Заматта көзгө көрүнбөй калуу, арыдан бери жок болуу, көрүнбөй кетип калуу. *Ал киши жылт берип кеткен* (Бектенов). *Окууга тоң моюндары ошол эле күнү жылт берди* (Өмүрбаев). **В.: Жылт коюу.** *Түбү жедеп күнгө какшыган жүгөрүнү отогондон укмуштай тажап, канткенде жылт койсом деп кыйпычыктай баштады* («Кыргызстан маданияты») – *Э-э, өзүбүз ак жолборстун токоюнда жүрүп, жылт койгондо кайда барабыз?!* (Касымбеков).

**ЖЫЛТ ЭТМЕ** Карматпаган, колго тийбеген, куу, шум. *Оо! Ал баягы жылт этме турбайбы?* («Чалкан»).

**ЖЫЛТЫЛДА** Жылт-жылт этүү, жылт этип көрүнүү. *Шаардын анда-санда жеринен жылтылдап от чыгат* (Элебаев). *Жылтылдап нечен ирет бир заматта Жылдыздар күлүңдөшөт мени карап* (Үмөталиев).

**ЖЫЛТЫЛДАК** Жылт-жылт этип кубулган, жылтырап көрүнгөн. *Кээ бир кыздын көйнөгү, Кызыл шайы жылтылдак* (Осмонкул).

**ЖЫЛТЫЛДАТ жылтылда** этишинин туюк мамилеси. *Ал абышка ак чалган чачтарын жылтылдатып топучан* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛТЫЛДОО жылтылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛТЫНДА** *сейр.* Башкалардын көңүлүн өзүнө тартып кылыктануу, назданууу, ойкуштоо, ойсондоо. *Жылтыңдап улам көрүнүп, Көзүмдүн курчун сен алдың* (Токомбаев).

**ЖЫЛТЫР** 1. Жылтылдап көрүнгөн, жылтырак, жылтырап көрүнгөн. *Кундуздай жылтыр чачынын карасынан агы көбөйүптүр* (Сыдыкбеков). *Манапбайдын жылтыр кара өтүгүн карады* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Колдогу нерсенин эң жакшысы, мыктысы, алгылыктуусу. *Бар оокатынын жылтырын Шарипке сактай турган* (Бейшеналиев).

**ЖЫЛТЫРА** 1. Жылт-жылт этүү, өңү, бети жылтылдап, чагылышып көрүнүү. *Парталар жылтырап таптаза* (Сыдыкбеков). *Жеңил машинанын жону жылтырап күнгө чагылышты* (Сыдыкбеков). 2. *Атоочтук формада:* **жылтыраган.** Колдогу оокаттын, нерсенин эң түзүгү, алгылыктуусу. *Жылтыраганынын бардыгын ага сарп кылды.* (Сыдыкбеков).

**ЖЫЛТЫРАК** Жылтылдаган, жалтырак, жылтылдап көрүнгөн. *Жылтырак металлдар.*

**ЖЫЛТЫРАТ жылтыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Жылтырата сүртүлгөн айнектер күнгө чагылышат.*

**ЖЫЛТЫРГАН** *туурасы:* **жылтыркан.**

**ЖЫЛТЫРКАН** Мал жей турган көп жылдык жапайы чөптүн бир түрү. *Жылкы, койго жарашкан, Жылтыркан менен шыбагы* («Семетей»).

**ЖЫЛТЫРКАНДУУ** Жылтыркан көп өскөн, жылтыркан чыккан. *Жылтыркандуу жер.*

**ЖЫЛТЫРОО жылтыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛУУ I** 1. Ысык менен муздактын орто жериндеги температура, жылуулугу бар. *Боз түшкөн ысыгың бар, суугуң бар, Жаанчыл, салкының бар, жылууң бар* (Осмонов). *Күн ачык, айлана мемиреп жылуу* (Абдумомунов). 2. Анчалык ысык эмес,

бирок таптакыр сууп да калбаган. *Жылуу тамак, бүтүн көйнөк көрбөгөн* (Токомбаев). 3. Жылуулукту сактаган, үшүтпөгөн, суук өткөзбөгөн. *Жибердик кийим, ызгаарда, Кийсеңер жылуу тон болсун* (Осмонкул). 4. *өт.* Жайлуу, орунтуктуу, жайланышып үйрөнүп калган, көнгөн. *Жылуу ордуман козгобо,– деди атам* (Ала-Тоо»). 5. *өт.* Мээримдүү, ырайымдуу, сүймөнчүлүктүү, жагымдуу, уккулуктуу, жүрөккө жакын. *Мугалим балдарга жылуу жүз менен жылмая карады* (Сыдыкбеков). *Жумшак тил, жылуу сөз угуп, Энеке, сенден көөнүм ток* (Токтогул). *Жылуу тийген жүрөккө, Сөздөрү ай бозойдун!* (Турусбеков).

**ЖЫЛУУ II жыл II** этишинин кыймыл атоочу. *Алга жылуу. Боору менен жылуу.*

**ЖЫЛУУ III жылы** этишинин кыймыл атоочу. *Жаккан оттун илебине үйдүн ичи улам жылууда.*

**ЖЫЛУУ ЖҮЗ** Ырайымдуу, мээримдүү мамиле. *Ал инисин жылуу жүз менен каршы алды* (Бердикеев). *Ал жигит балыкчыларга боор тарткансып жылуу жүз көрсөтүп турар эле* (Укаев).

**ЖЫЛУУ ОРДУН СУУТУУ** Үйүр алышып, үйрөнүшүп көнүп калган жеринен кетип калуу, орун алган, жакшы турган жеринен ажырап калуу. *Сен деп жүрүп, жылуу ордумду сууткамын* («Ала-Тоо»). *Анын ошол бир гана ооз сөзүндө жылуу ордун суутуп, ушул күнгө тушуктурган кишилерге арткан доомату бардай сезилди* (Ашымбаев). **В.: Жылуу ордунан козгоо.** *Эч нерсе билбеген үчүн жыргап жаткан жылуу ордубуздан козгоп, оолап отурабыз, – деген Мария* (Ашымбеков). *Менин көзүм жумулуп кетсе ошондо алып кетесиңер. Аңгыча жылуу ордунан козгобогула буларды* (Өмүрбаев).

**ЖЫЛУУ ОРДУН ТАБУУ** Өзүнө ылайыктуу, ыңгайлуу, жайлуу жай таап алуу. *Ал эми өзүнүн жылуу ордун тапты.*

**ЖЫЛУУ УЧУРОО** Тааныштай, мурда бир жерден көргөндөй, көрүп-билип жүргөндөй сезилүү. *Жерде жаткан кылычтын сабындагы белги Оросулга жылуу учурады* (Осмоналиев).

**ЖЫЛУУЛА** Үшүбөгүдөй, муздабагыдай кылуу, жылуу болгудай кылып жабуу, кымтылоо, ороп-чулгоо ж.б. кам көрүү. *Короого баккын жылуулап, Коомдошкон малыңды* (Осмонкул). *Тууган койду жылуулап, Жаткырып койдук жекелеп* (Осмонкул).

**ЖЫЛУУЛАЙ** Жылуу, ысык бойдон, жылуу кезинде, сууй электе. *Тамагыңды муздай элегинде, жылуулай ич,– деди энем* (Мидин).

**ЖЫЛУУЛАН жылуула** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖЫЛУУЛАТ жылуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫЛУУЛОО жылуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛУУЛУК** 1. Атом, молекула ж.б. сыяктуу эң майда бөлүкчөлөрдүн баш аламан кыймылынан жана алардын ысышынан пайда болгон энергиянын түрү. *Жылуулуктун механикалык эквиваленти. Салыштырма жылуулук.* 2. Кандайдыр бир нерсенин ысуусунан бөлүнүп чыккан тап, жылуу илеп, температура, кызыган аба. *Күндүн жылуулугу Оттун жылуулугу.* 3. *өт.* Жагымдуулук, сүйкүмдүүлүк, ырайымдуулук, мээримдүүлүк, жүрөккө жакындык. *Анын айткан сөзүндө кандайдыр бир жылуулук бардыгын Карып сезди* (Жантөшев).

**ЖЫЛУУЧУЛУК** Аба-ырайы жылуу убак, жылуу болуп турган мезгил. *Коңур күз, жылуучулук жылып кетти* (Калык).

**ЖЫЛЧЫ жылчый** менен бирдей. *Караңгы, көзү ачылат жылчып* (Абдыраманов).

**ЖЫЛЧЫГЫЙ** Кысыңкы, кууш, араң эле ачылып тургандай (көзгө карата). *Жылчыгый көз.*

**ЖЫЛЧЫЙ** Өтө кысыңкы, кууш, көрүнүштө болуу, араң эле жылчык тарткан көрүнүштө болуу. *Көздөрү жылчыйып араң эле ачылат.*

**ЖЫЛЧЫК** 1. Экинчи тарабын шыкаалап кароого болгудай, шоола же суюктук өтүшү мүмкүн болгон кичине тар тешик же кууш жарака тартып кеткен ачык жер, боштук. *Динар оң көзүн жума калып жылчыктан шыкаалайт* (Сыдыкбеков). *Ичи караңгы айнектин ордуна шыпка жакын жеринде гана ичичке жылчык жылтырайт* (Абдукаримов). 2. Бош орун, ачык жер. *Калдайган жылчыгы жок кара булут* (Токомбаев).

**ЖЫЛЧЫКСЫЗ** Жылчыгы жок, туташ. *Үйдүн полу жылчыксыз кыналыптыр* (Мидин).

**ЖЫЛЧЫКТУУ** Тешик-тешиги бар, жылчыгы, тешилип-айрылып калган жерлери бар. *Токсон жери жылчыктуу, керегеси жепирейген кара алачык жок* («Эл акындары»).

**ЖЫЛЫ** 1. Тап, илеп, ысык аба, күн нуру өтүп ж.б. жылуу болуу, жылуу абалга келүү. *Күн жылыды, жаз келди* (Баялинов). *Жаткандан кийин көпкө жылыган жок* (Байтемиров). 2. Мээрим төгүү, сүймөнчүлүк, жакшы көрүү сезими пайда болуу, ийигүү. *Айткан сөзүнө жылыбадым* (Мидин). *Тоо куштары үн салышып сайраса, Жүрөк жылып күүгө толот айланаң* (Осмонкул).

**ЖЫЛЫ ТӨӨ БОЛСО ДА** Бир нерсеге же бир ишке куру бекер дем байлаган, көтөрүлүп, мактанган адамга карата «ошондой кыйын болсо, олуя болсо, укмуш болсо да, көрөрбүз» деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Жылы төө болсо, аткарбай көрүшсүн, эмне кылар экенмин! – деп борс-борс күлдү* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛЫМДА** Күн, аба ырайы жылуу болуу, жылуу тартуу. *Күндөн күнгө күн жылымдады* (Касымбеков).

**ЖЫЛЫМЧЫ** 1. Араң эле жылымык тарткан, араң эле жылыган. *Жылымчы суу. Жылымчы тамак.* 2. *өт.* Тымызын, астыртан, жылма. *Жылымчы сүйлөп былгытуу.*

**ЖЫЛЫМЫК** Бир аз жылыган, жылуу тарткан абал. *Күн жылымык тартты.*

**ЖЫЛЫМЫКТА** Бир аз жылуу, аздап-аздап жылый баштоо. *Күн жылымыктай баштады.*

**ЖЫЛЫН** Отко, тапка кактануу, денесин жылытуу. *Нурбайлар бир түзөңгө токтоп, от жагып жылынып, тамактанышты* (Баялинов). *Батыш жедеп үшүгөндө үйгө кирип жылынат* (Байтемиров).

**ЖЫЛЫН ТӨӨ КЫЛУУ** Барктануу, бааалануу, маалкатуу, кербезденүү. *Мынча эмне жылыңды төө кыласың.*

**ЖЫЛЫНУУ жылын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛЫТ жылы** этишинин аркылуу мамилеси. *Сөйкө бозо жылытып келди* (Касымбеков).

**ЖЫЛЫТКЫЧ** Жылуулук берүүчү, жылытуучу прибор. *Жылыткычтарды пайдалануу.*

**ЖЫЛЫТМА** Түнкүдөн, мурдагыдан калган, жылытып ичиле турган тамак. *Балдары жылытма ичип жатышкан экен.*

**ЖЫЛЫШ I** 1. Илгерилөө абалы, алга кетүүчүлүк, ийгилик, өзгөрүш. *Баштагыга караганда эбегейсиз жылыштар экендигине талаш жок* (Байтемиров). *Ар бир жылы колхоз өзүнчө жылыштарга ээ болуп өнүгүп-өстү, чыңалды* (Убукеев). 2. Оорусунан айыга баштаган, оңоло баштаган абал. *Сыркоологонума үч жума болду, эч бир жылыш жок* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛЫШ II** 1. Бир орундан экинчи орунга жылуу, жылып кетүү, козголуу. *Жууркандын жүнү жылышып кетиптир. Башында жоолугу жылышты.* 2. Сыйлыгышуу. – *Жылыша отургула,– деди* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛЫШТА** 1. Ордунан жылуу, козголуу, акырындап жыла берүү, ооп кетүү. *Жылыштап отуруп терезенин түбүнө жеттим* (Касымбеков). *Жылыштап жүрүп отуруп, Бул Алтайдан качалы* («Манас»). 2. Айыга баштоо, жөнүгүү, жакшы боло баштоо. *Оорусу күндөн күнгө жылыштап келатат.*

**ЖЫЛЫШТЫР** Ордунан жылдыруу, сыйлыгыштыруу, которуу, жакындатуу. *Столдорду бирине-бирин жакын жылыштырды.*

**ЖЫЛЫШТЫРУУ жылыштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫЛЫШУУ жылыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫМ** 1. Шак эле макул болгондугун, туура деп таап ичинен макул экендигин, лып дей түшкөндүгүн, сүйүнүп кеткендигин билдирүүдө колдонулат. *Зор Барман сыр алдырбай сыртынан локуйган менен ичинен жым* (Сыдыкбеков). *Мамыда байланып турган боз атты көргөндө Салык жым дей түштү* (Каимов). 2. Тим болуп калгандыкты, тынчып, учукпай калгандыкты билдирүүдө колдонулат. *Карылар муну укканда жым болушат, Көзүнөн жаш чууртуп бурчак-бурчак* (Осмонов). *Каш карайып, күн бата, Элдин алды жым жата* («Саринжи-Бөкөй»). *Ошентип душман жеңилет, Баш кошуп баары жым болсо* («Эр Табылды»).

**ЖЫМ БОЛУУ** Билмексен болуп унчукпай калуу, тим болуу же айтайын дегенин айта албай дымып калуу. *Кален суук астынан тик сайылып карады эле, Жамал жым болду* (Укаев). *Орозбайдын кебинен кийин үй ичи тынымдай жым болду* (Сыдыкбеков). *Жым боло калып, үй толгон кишилердин арасынан жылышып өтүп бара жатты* («Ала-Тоо»).

**ЖЫМ ДЕЙ ТҮШҮҮ** Иштин оңтою келгенине, ойлогонундай боло калганына астыртан кымылдап сүйүнүү, кубанып кетүү. *Арзыкулдун сөзүн укканда кемпир жым дей түштү* (Байтемиров). *Ташболот жым дей түшүп, эт-бетинен кетти* (Бектенов). **В.: Кым дей түшүү.** *Менин сөзүмдү укканда кым дей түштү* («Ала-Тоо»).

**ЖЫМ-ЖЫМ** Жылт-жылт, жымың-жымың этип бир көрүнүп, бир жок боло түшкөн сыяктуу элести билдирүүдө колдонулат. *Жым-жым эткен сулуу жылдыз, Көзүн ымдап бизди чакырат* (Шүкүрбеков). *Жым-жым этип жылдыздар, Түндүн көркүн келтирди* (Токобаев).

**ЖЫМ-ЖЫМ БОЛУУ** Бир нерсени башкаларга билгизбей, айтпай жашыруу, астыртан тим болуу. *Мындай кабарды укканда айылдагылар жым-жым эле болушту. Акбала жөнүндөгү кабарды Каленге билгизбей айылдагылар жым-жым болушту* (Укаев).

**ЖЫМЖЫРТ** Эч үн, дабыш жок, мемиреген тыптынч. *Кең бөлмө, чымын учса угулгандай жымжырт* (Жантөшев).

**ЖЫМЖЫРТТЫК** Мемиреген тынчтык, жымжырт болгон абал. *Айланадагы жымжырттыкты аттардын гана күрсүлдөтүп чөп чайнаганы бузгансыйт* (Жантөшев). *Бир тынымча жымжырттык өкүм сүрүп, биринен да сөз чыккан жок* (Байтемиров).

**ЖЫМКЫР жымыр** менен бирдей. *Сиз бала кааданы салгансыз го, кимден жымкырдыңыз?* (Токомбаев).

**ЖЫМПЫЙ жымый** менен бирдей. *Тигиши билинбей жымпыйып турат.*

**ЖЫМПЫЙТ жымпый** этишинин аркылуу мамилеси. *Жымпыйтып жамоо.*

**ЖЫМСАЛ** 1. Жылма, жылмакай, тегиз. *Сандыктын жыгачы абдан жымсалданып, оюулары текши түшүрүлүп чебер жасалган экен.*

**ЖЫМСАЛДА** 1. Жылма, сыйда кылуу, жылмалоо. *Күрөктүн сабын жонуп жымсалдады.* 2. Сөздүн, иштин, окуянын ж.б. одоно, орой, кейиштүү жактарын жумшартып, жылмалап, жымсал кылып көрсөтүү.

**ЖЫМСАЛДАТ жымсалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫМСАЛДОО жымсалда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫМЫЙ I** Бириктирилген, кошулган, тигилген жери жиги байкалбагандай, анчалык көзгө түшпөгөндөй кыналган абалда болуу, зымылдап билинбей калуу, жымыраюу. *Ээрдин кадалган кашы жымыйып билинбей калды* (Токомбаев). *Сынган каалганы кынап кадаганда жымыйып өзүндөй болду* (Жантөшев).

**ЖЫМЫЙ II** Ууртунан жылмаюу, ичинен күлүмсүрөө. *Бул кеңешти укканда Элдияр күлүп жымыйды* («Эр Табылды»). *Ак бейил жеңе жымыйып күлдү да, Абыл узап кеткиче ээрчий карап туруп калды* (Убукеев).

**ЖЫМЫЛДА** 1. Сыйда, жылмакай, текши абалга келүү, одуракай, бодур-содур болбой жымпыйып тегиз болуп туруу, тигиши, ашташкан, кошулган бириктирилген жери анчалык байкалбай калуу. *Акмат жамаган жамаачылар эби менен кыйышып, тигиштери жымылдап турат* (Элебаев). 2. Таза, зымырайган абалда, көрүнүштө болуу. *Эч жеринде мүүнү жок, Өңү таза жымылдап* (Осмонкул). *Касымдын тегерек тарткан жайык бетинин нуру өчпөстөн, өңү дале жымылдап турат* (Таштемиров).

**ЖЫМЫЛДАТ жымылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫМЫҢ** 1. Кубанып күлмүндөгөн, жылмая күлүмсүрөгөн көрүнүштү, элести билдирүүдө колдонулат. *Сүйгөнүм деп сүйлөсөм, Жымың эттиң бир гана* (Токомбаев). *Жымың этет карыя: Орундалды тилегим* (Токомбаев). 2. Жылт-жылт этип бир көрүнүп, бир жок боло түшкөн сыяктуу элести билдирүүдө колдонулат. *Асман чайыттай ачык, жылдыздар гана жымың-жымың этет* («Ала-Тоо»).

**ЖЫМЫҢДА** 1. Кубанычтуу күлмүндөө, жылмая күлүмсүрөө, жымың-жымың этүү. *Бүбүя жеңем жымыңдайт* (Бөкөнбаев). *Жымыңдап күлүп назданып, Кайним деп күлүп каш кагып* (Сарногоев). 2. Жылт-жылт этүү, бирде өчүп, бирде жылт эте калгандай көрүнүштө болуу. *Түн эле, сан жылдыздар жымыңдады* (Токомбаев).

**ЖЫМЫҢДАТ жымыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫМЫҢДОО жымыңда** этишинин кыймыл атоочу. *Солдат кандайчадыр чоң ишти бүтүргөнсүп жымыңдоо менен карады.* (Жантөшев).

**ЖЫМЫР** Билгизбей, ээсинен сурабай, көргөзбөй алып кетүү, катып алуу, кытып алуу, уурдап алуу. *Жөн чыкпай, столдун үстүндө турган кол саатты жымыра чыгыптыр.*

**ЖЫМЫРАЙ** Кошулган, бириктирилген, тигилген жери анча айырмаланбагандай түргө келүү, жымпыйып, көзгө одоно учурабагандай көрүнүштө болуу, жымыйып, жымылдап туруу. *Жаранын өзү кадимкидей жымырайып бүттү* (Баялинов). *Сынган эшикти кадаган жери жымырайып эч билинбейт* («Ала-Тоо»).

**ЖЫМЫРАЙТ жымырай** этишинин аркылуу мамилеси. *Айрылган тонуму жымырайтып жамап берди* (Элебаев).

**ЖЫМЫРАТ жымырайт** менен бирдей. *Жылас катын Кенжеке, Жымырата тиктирген* («Эр Төштүк»).

**ЖЫМЫРАЮУ жымырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫМЫРЫЛ** 1. Жыйрылуу, көрсөтпөөгө, билдирбөөгө аракет кылып тарткынчыктоо, кымырынуу. *Ракыя майрык бутун Чолпондон жашырып жымырыла түштү* (Байтемиров). 2. Ичинен тынуу, кым дей түшүү, ичинен кымылдоо. *Сурма андан ары сөз жалынын ырбаткысы келген жок, жымырылып калды* (Байтемиров). 3. Билгизбеген, шек алдырбаган тымызын аракет жасоо. *Татыбек акырын жымырылып эшикке чыкты* (Байтемиров).

**ЖЫМЫРЫЛУУ жымырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫМЫЮУ жымый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫНЖЫР** *диал.* Чынжыр. *Дубалдагы сааттын жынжыры токсон катар тартылды* (Токомбаев).

**ЖЫНЫС** Адамдардын жана айбанаттардын эркек, ургаачыга бөлүнүшү, эркек, ургаачылыгына карай бөлүүчү теги. *Жынысына карай бөлүү. Анкетада жынысын көрсөтө жазуу.*

**ЖЫНЫСТЫК жыныс** дегенге таандык. *Жыныстык белги. Жыныстык өзгөчөлүк.*

**ЖЫҢ** Алты жүз граммга жакын оордук өлчөмү. *Апийимден сүт жакшы чыккан күнү Айылчы менен Түлөбай эки жыңдан кырат* (Элебаев).

**ЖЫҢАЙЛАК** Бут кийими жок, бут кийимсиз, жылаңайлак. *Динар энесине таарынып жыңайлак чыккан* (Сыдыкбеков). *Корум таш басып жыңайлак, Кой жайып тоодо жүргөндө* (Бөкөнбаев).

**ЖЫҢАЙЛАК КАТТАШУУ** Аялдын, эркектин никесиз көңүл жакындыгы. *«Бу сырды айтпасам, Агеркеч аны кайдан билип алды. А балким тиги молдоке менен жыңайлак байланышы болбосун» деп да күдүктөндү* (Үмөталиев).

**ЖЫҢАЙЛАКТАН** Бут кийимин чечүү, жылаңбут болуу. *Өтүгүн чечип жыңайлактанып суу кечти.*

**ЖЫҢАЙЛАКТАНТ жыңайлактан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫҢАЙЛАКТАНУУ жыңайлактан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫҢАЛАЧ жалаңач** менен бирдей. *Жыңалач бала. Жыңалач болуу.*

**ЖЫҢАЛБАШ жылаңбаш** менен бирдей. *Көйнөгү жок, жылаңач, Топусу жок жыңалбаш* («Эр Табылды»),

**ЖЫҢАЛБАШТАН жылаңбаштан** менен бирдей. *Жыңалбаштанып отуруу.*

**ЖЫҢАЛБУТ жылаңайлак** менен бирдей. *Үстүндөгү кийими начар, жыңалбут арык бала.*

**ЖЫҢДА** *диал.* Семирүү, куйрук алуу. *Койлор куйругун жыңдай албады.*

**ЖЫП I** Өтө тез, лып эте түшкөн кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Тартып ийсе чуулдап, Жебенин огу жып этип* («Манас»).

**ЖЫП II** Сын атоочтун жыпжылаңач, жыпжылуу, жыпжылмакай сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт

**ЖЫПАР** 1. Аңкыган жакшы жыт. *Жыпарды куюнуп, Атырга жуунуп* (Маликов). *Жалбыздын жыты буруксуп, Жаныңа жыпар чачкандай* (Бөкөнбаев). 2. Жыты аңкыган, жыты жакшы, жакшы жыттуу. *Ала-Тоо кандай сонун жер, Жыбыттап согот жыпар жел* (Турусбеков).

**ЖЫПАР КИНДИК** Аял затына сүйкүмдүү, кыз-келиндер жакшы көргөн адамдарга карата айтылуучу сөз. *Бир жыпар киндик жолдошу: «аялдар менен көңүл ачкың келсе, учуру болуп калса, алардын алдында акылдуу кепти сүйлөйм деп убара болбо, жек көрүнүп чыгасың, андай кезде лекциянын аларга кереги жок, эптеп көңүлүн көтөрүүгө гана умтул» деген акылы эсине түшүп, эми рюмкага кылкылдатып шарапты өзү куя баштады* (Касымбеков).

**ЖЫПАРДУУ** Жыпар жыттуу, аңкыган жыты бар. *Жыттасам моокум кандырат, Жыпардуу бүрүн ачканда* (Тоголок Молдо).

**ЖЫПАРЛУУ жыпардуу** менен бирдей.

**ЖЫПЫЛДА** 1. Өтө тез кыймылдоо, элпек, жеңил кыймыл-аракетте болуу. *Жыпылдап өтө тез баскан киши экен. Жыпылдап жел жүрдү.* 2. Кишинин ичи койнуна кирген лепилдеген мамиле жасоо. – *Агай,– деди Абаз жыпылдап сүйлөп* (Таштемиров).

**ЖЫР** 1. Жарып же теше айрып кетүү, тытып кетүү. *Музоо кубалап жүрүп балтырын чогойно жырып кеткен* (Байтемиров). 2. Бир четинен, кырынан, эрдөөнүнөн бузуп кетүү, кемирип жеп кетүү. *Суу жырып кеткен эски кемер бар эле, музоо ошондон учуп кетти* (Байтемиров). 2. Сөзүн бөлүү, орто жерден кошула сүйлөп кетүү. *Сөздү жырба! Айтып берейин болгон ишти* (Сасыкбаев).

**ЖЫРА** 1. Суу жеп жар кылып кеткен жылгача. *Айылдан төмөнкү жырадан кездештик* (Токомбаев). 2. Тоонун жылгаланып айрылган коктуча жери. *Омпол тоонун жырасынан байракчан эл көрүндү* (Токомбаев).

**ЖЫРА ТАЛАШУУ** Бир нерсени айтууга же сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербей жарыша сүйлөө. *Тартиби жок балдар ооздон сөздү жыра талашат.*

**ЖЫРГА** Жыргалга, ыракатка батуу, кеңкесири, жетиштүү жашоо, ыракаттануу, убайымсыз куунак жашоо. *Кары-жашы билинбейт, жыргаган элди карачы* (Токтогул). *Ак келин, кылган кымызың, Ичкен адам жыргасын* (Токтогул). *Ал уулунан жыргап отурбайбы* (Мидин). *Каникулда балдар тоодо жыргап жүрүштү* («Ала-Тоо»).

**ЖЫРГАЛ** 1. Жан жыргаткан, көңүл көтөргөн бейпилдик, кеңчилик, ыракат, жыргаган сонун турмуш, убайымсыз куунак көңүл. *Ким көргөн мындай жыргалды, Жыргалдын ыры ырдалды* (Убукеев). *Турмуш жыргал, жыргап өмүр сүрүүгө, Күүлөгөнсүп күч кошулат күнүгө* (Мидин). *Акылман болсо алганың, Өлгөнүңчө көрөрсүң, Өмүрдүн ширин жыргалын* (Токтогул). *Кыздарынан жыргал көрүп жаткандар аз эмес* (Байтемиров). 2. *Таандык м. менен:* жыргалым. Көңүл сезимин, жакшы көргөндүгүн билдирүүдө, эркелеткенде колдонулат. *Асылым дыйкан, жыргалым, Асылың көрүп жыргадым* (Тоголок Молдо). *Мындан башка малым жок, Аткан таң сенсиң, жыргалым* (Тоголок Молдо).

**ЖЫРГАЛДУУ** Жыргалга баткан, убайымсыз, жыргалчылык болгон, ыракаттуу. *Келин-кыздын баарысы, Жыргалдуу азыр турмушта, Эркин өсүп торолгон* (Токтогул). *Жалындуу жаштар жеттиңер Жыргалдуу күндүн кенине* (Токтогул).

**ЖЫРГАЛЧЫЛЫК** Жыргал турмуштагы абал, убайымсыз, кайгы-капасыз турмуш, куунак көңүл, жетиштүүлүк.

**ЖЫРГАТ жырга** этишинин аркылуу мамилеси. *Иштен соң бакта салкындап, Жыргатамын жанымды* (Үмөталиев). *Дыйкандык кылып дан тапкан, Жыргатып жакшы жан баккан* (Тоголок Молдо).

**ЖЫРГОО жырга** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫРДЫР** жыр этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫРТ** 1. Бөлө айруу, бөлөк-бөлөк кылып айрып тытуу. *Жыртыш жыртуу салты акырындап жоюлуп баратат. Эл мандикердик тизмесин майда-майда баракчаларга бөлүп жыртты* (Абдукаримов). 2. Сүзүлүп, эскирип айрылган, бүтүндүгүн жоготкон, жыртылган абалга чейин жеткирүү. *Эскирттим, далай-далай көйнөк жырттым, Жаңырды, улам кайра сенин сыртың* (Осмонов).

**ЖЫРТАЙ** Көздүн эттери сыртын көздөй тартылып, кызарып, жаш агып туруу, ушундай көрүнүштө болуу. – *Жок,– деди чал жыртайып,– Буга кантип көнөмүн* (Токомбаев).

**ЖЫРТАЙТ жыртай** этишинин аркылуу мамилеси. *Көздөрүн жыртайтып кароо.*

**ЖЫРТАК** Көздүн эттери кызарып чыга жыланачтанган, жыртайган. *Жыртак абышка кемпири экөө жарыша келатышат* (Сыдыкбеков).

**ЖЫРТАКТА** Жыртак көзү менен карай берүү, көздөрүн жыртайта кароо.

**ЖЫРТАНДА жыртакта** менен бирдей.

**ЖЫРТКЫЧ** 1. Башка жаныбарларга кол салып, аларды жеп азыктануучу, жырткычтык менен күн көрүүчү айбандарга, куштарга ж.б. карата колдонулуучу жалпы ат. *Кырк жигиттей күчү бар Жолборс жырткыч пашаасы* (Барпы). *Далай кырсыктарга учураган, түркүн жырткычтарды көргөн теке кылчайып тура калды* (Токомбаев). *Чилдер куурткунун түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштар- дан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов). 2. *өт.* Аябаган мыкаачы, өлтүрүүдөн, жабыр тарткызып талаптоноодон кайра тартпаган ырайымсыз, аёо дегенди билбеген, мээримдүүлүгү жок талоончу, таш, боор. *Айбандан жырткыч фашисттер, Айлыма булук салмакпы* (Бөкөнбаев). *Жырткычтар болуп элге зор, Далайлар анда болгон кор* (Турусбеков).

**ЖЫРТКЫЧТАН** Ырайымсыздык кылуу, эч аябастан мыкаачылык кылуу.

**ЖЫРТКЫЧТЫК** 1. Башка жаныбарларга кол салып, аларды жеп тамактануучулук, жырткыч айбандарга тиешелүү сапат, өзгөчөлүк. *Карышкыр жалаң эт менен тамактанып, жырткычтык менен күн көрөт* («Ала-Тоо»). 2. Эч аябаган мыкаачылык, ырайымсыздык, зулумдук (адамга жасалган мамилеге карата). 3. Катуу зыянга учуратуучулук, бүлдүргүчтүк, ырайымсыз, кыйратып жок кылуучулук. *Токойду жырткычтык менен кыйып түгөтүү.*

**ЖЫРТУУ жырт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫРТЫК** 1. Жыртылган, айрылган, тешиги бар. *Жыртык тонун чече коюп карыя Орой салды арык, тууруk баланы* (Токомбаев). *Түтүн булап жыртык кара үй турат* (Үмөталиев). 3. Тешик, жылчык. *Боз үйдүн жыртыгынан түшкөн ай нуру менен үйдүн ичи ала күүгүмдөнүп көрүнөт* (Каимов).

**ЖЫРТЫЛ жырт** этишинин туюк мамилеси. *Арт жакта жепирейген алачыктар, Жыртылган жамгыр тосор жери калбай* (Үмөталиев).

**ЖЫРТЫШ I** Кары адамдар өлгөндө келген аялдарга берилүүчү кездеменин айрындысы, таратып берүү үчүн атайын айрылган чарчы кездеме.

**ЖЫРТЫШ II жырт** этишинин кош мамилеси.

**ЖЫРЫК** 1. Эриндери же мурду жырылган. *Эркекыз эшикке чыкса, эрди жырык бир киши турат* (Байтемиров). *Бадачынын ичинде, Жырык кара үй сааны бар* («Манас»). 2. Көзү жырылган. *Жырык ийне.*

**ЖЫРЫК ИЙНЕСИН АЛБОО** Эч нерсесине тийбөө, эчтекесин албоо. *Албаңар жырык ийнесин, Не кылабыз калмактын, Эзелден жыйган дүйнөсүн* («Манас»). *Ал бирөөнүн жырык ийнесин да албайт, даалдаган ак көңүл, ак ниет адам* («Чалкан»).

**ЖЫРЫК ТЕҢГЕГЕ АРЗЫБОО** Татыбоо, көрүнбөө, илүүгө алынбоо. *Менин каган башым менен буларга көрсөткөн жакшы көңүлүм, берген мансабым жырык теңгеге арзыбаган экен го?!* (Касымбеков).

**ЖЫРЫЛ жыр** этишинин туюк мамилеси. *Өпкө кетти жырылып, Акты төмөн ал жылып* («Эр Төштүк»).

**ЖЫРЫМ** Жалпак өрүлгөн ичке кайыш кур. *Жырым курчоо. Жырым курчануу.*

**ЖЫТ** Жыттоо, искөө сезимине жагымдуу же жагымсыз таасир этип, ошондой сезим аркылуу байкалуучу заттын өзгөчөлүк касиети. *Ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Арчанын майда күкүмдөрү чатырап, жагымдуу чайыр жыты бурады* (Абдукаримов). *Өрттүн, ыштын, тердин жыты каңырсыйт* (Сасыкбаев). *Карымшак, сенин бозоңдун, Жытына келген жыгылган* (Токтогул).

**ЖЫТСЫЗ** Жыты жок, жыты билинбеген, жыты сезилбеген. *Ис газы түссүз, даамсыз жана жытсыз газ* («Ден соолук»).

**ЖЫТТА** 1. Жыт алуу органдары, сезими аркылуу бир нерсенин жытын алуу, жытын сезүү, искөө. *Гүлдү жыттап кармап турдуң кичине* (Нуркамал). *Алымкул жалбыздан бир тутам жулуп алып жыттай баштады* (Абдукаримов). 2. Эркелетүү, жакшы көрүү. *Баланын жоктур санаасы. Ата-энеси жыттаса, Анык чыгат капасы* (Токтогул).

**ЖЫТТАН** Жыт чыгаруу, жыты билинүү, жыт берүү. *Тегирмендин ичи кызыт-кан дан жыттанат* (Сыдыкбеков).

**ЖЫТТАНУУ жыттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫТТАТ жытта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖЫТТОО жытта** этишинин кыймыл атоочу. *Жыттоого гүлдү тандап бердиң өзүң* (Үмөталиев).

**ЖЫТТООЧ** Баланы эркелеткенде, жакшы көргөндө балага карата айтылуучу сөз. *Алдыңа кетейин жыттоочум, апаң сенден айлансын* («Мугалимдер газетасы»).

**ЖЫТТУУ** 1. Кандайдыр бир жыты бар, кандайдыр бир жыт жыттанган. *Сентябрь ай коон жыттуу сонун ай* (Осмонов). *Кечки салкын түшүп, адырдын шыбак жыттуу жели жүрдү* (Сыдыкбеков). 2. Аңкыган, буруксуган, жакшы жыты бар. *Жыттуу жашыл чөптөрдү, Чөмөлөлөп кетишет* (Токомбаев).

**ЖЫТЧЫЛ** Жыт алуу сезими өтө күчтүү, жыт сезгич, жытты жакшы ажырата билген. *Тоо эчкилер өтө жытчыл болот* (Таштемиров).

**ЖЫТЫ ДА ЖОК** Дайын-дареги жок, ал түгүл кабары жок. – *Айнашыңдын өзү түгүл жыты да жок го, жолугушууну болжошконуңар анык беле?* («Агым»).

**ЖЫТЫ СИҢИШҮҮ** Бири-бирине берилип, абдан алынышып, өтө жакын болуп калуу, аралашып бир кишидей болуп кетүү. *Күндөр өттү. Үй-бүлөнүн бири-бирине жыты сиңишти* (Осмоналиев). *Жашынан кол кармашып, бири-бирине жыты сиңишип калганда ажырашабыз деп ойлобосун* (Ашымбаев). *Аның чын дечи. Бала кезден бери жытыбыз сиңишип бүткөн* (Кушубеков).

**ЖЫТЫ ТУУГАН** Анча жакын эмес, мындайраак, алысыраак тууган. *Шертай экөө ага-ининин баласы, Төлөмүш менен жыты тууган* (Бердикеев).

**ЖЫТЫГУУ жытык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖЫТЫК** Бир нерсеге үйрөнүп, көнүп калуу. *Жытыгып калсаң да эски күрмөңү чеччи* (Жантөшев). *Жытыккан жерге барганда эки күндө эле оңоло түшөсүңөр* (Бейшеналиев).

**ЖЫШ I** 1. Арасы жакын, тыгыз, калың чыккан, коюу. *Биз жыш өскөн майда чырпыктардын арасына жашынып калдык* (Таштемиров). 2. Калың, жапырт, жылчыксыз. *Аңгыча тоону жыш туман каптады* (Каимов).

**ЖЫШ II** Ныктай басып сүрүү, ышкып сүргүлөө. *Кычан тайманбастан мойнун, бетин, кулактарын кар менен жыша баштады* (Бейшеналиев).

**ЖЫШААН жышана** менен бирдей. *Эгиздин көбөйүшү жакшы жышаан.* (Убукеев).

**ЖЫШАНА** Бир нерсенин башталышында алдын ала анын кандай боло тургандыгын айгинелөөчү белгиси, жөрөлгөсү. *Жышанасы жакшы болуу. Сенде бир жакшылыктын жышанасы бар* (Каимов).

**ЖЫШАНАЛУУ** Жакшы жышанасы бар, жакшылыктын белгиси бар. *Жамал балам! Абдан жышаналуу келин экенсиң* (Жантөшев).

**ЖЫШЫ жыш II** менен бирдей. *Жылдыз самоорун кум менен жышып жалтырата жууду.*

**ЖЫШЫЛ** 1. **жыш II** этишинин туюк мамилеси. *Эми сенден суранам: Жышылбасын бурамаң* (Турусбеков). 2. Мурдагысындай болбой солгун тартуу, өңүнөн, этинен түшө калуу. *Жийдегүлдүн көзү мурункудай эле мөлтүрөп, бети бир аз жышылып калган* (Сасыкбаев).

**ЖЫШЫН жышы** этишинин өздүк мамилеси.

**ЖЫЮУ жый** этишинин кыймыл атоочу. *Эгин оруп-жыюу башталды.*

**ЖЫЯР** Агын суу, булак. *Сүттүү-Булак, Кызыл-Суу Жыяр менен бетиң жуу* (Элырлары).

**ЖЭ** «Ж» тамгасынын аталышы.

**ЖЭЭ** Бирөөнү токтотуу, тыюу иретинде «жетет», «жетишет», «болду эми» деген маанид колдонулат. *Жээ, кечке эле сүйлөй бербе. Жээ эми, ачууңду токтот* («Ала-Тоо»).

**ЖЭЭГИ ЖОК** Сүйлөөк, оозуна алы келбеген, ылайыгы келсе, келбесе деле тартынбай сүйлөй берген, туура эмес болсо да эч уялып, кысылбаган. *Оозуна алы жетпеген жээги жок катындардын Гүлайым жөнүндө сөзү көбөйө берди* (Абдукаримов). *Байкап сүйлөгүлө! Баятан берки сасык сөздүн теңи Айнагүл эмес, – деп оозуна келгенди оттоп отурган жээги жок катындарды Тоту жеңем куюн ургандай кылып өттү* (Жантөшев).

**ЖЭЭК I** Кийим-кечени, чүпүрөктү ж.б. жумшак нерселерди чайнап, жеп жиберүүчү (уйга карата). *Жээк уй. Жээк музоо.*

**ЖЭЭК II** 1. Көлдүн, суунун, арыктын, жолдун ж.б. узата кеткен чети, бою, ага жакын жери; четки кыры. *Бастырдык Бала-Өтмөктүн бели менен, Аралап аккан суунун жээги менен* (Үсөнбаев). *Каршы-терши кенен түз жол, Жээгинде арык чабылган* (Нуркамал). – *Токо,– деди оттун жээгинде эски ичик жамынып жаткан зайып* (Токомбаев). *Жээги толуп суу келсе, Арыктын чери жазылат* (Барпы). 2. Үй буюмдарынын, кийим-кеченин четине, кошулган жерине басылуучу кошо тигилүүчү ар кыл түстөгү

# З

**ЗААДА I** Тегин, тукумун же тектүү адамдардын катарына жата тургандыгын билдирүүдө колдонулат. *Бек десең бектин уулумун, Бек зааданын биримин* («Семетей»). *Кожо заада кан ата, Дарыңыздын баарын бер* («Сейтек»).

**ЗААДА II: жүрөк заада** *туурасы:* **жүрөкзаада.**

**ЗААДИ** Жаралгандан бүткөн мүнөз, түпкү табият, ата-бабасынын келаткан мүнөз өзгөчөлүгү. *Заадисиндеги кудай берген ушу боорукерлиги аны ушунусу кайра алсыз, жардамсыз кылгандыгын, жакшылыкка түнт каратып кайдыгер кылгандыгын, дагы-дагы көп нерселерге, эң негизгиси жөнөкөй, кибир, кайраттуу турмуш менен жашаганга тоскоолдук кылгандыгын өзү да билбейт* (Жусубалиев). *Заадиси бузук адамдан жакшылык күтүп бекер.*

**ЗААМЫНА** 1. Бактысыз кылган. 2. Зыян, зобун кылган. 3. Жинди кылган. *Адам жанын заамына кылган нансап, өлөөрүндө жаратканда кечирим сура! – Баягыдан да жаалдуу чыкты молдонун үнү* (Мавлянов).

**ЗААР I** 1. Уу, уулантуучу зат. *Шербетке Бакай дууласын, Заар ичип жетим уулансын* («Манас»). *Жыландын тышы жумшак болсо да, ичи заар* (макал). *Билдирбей заар бериңер* («Манас» С.О.). *Заар салсам ашка – деп* («Манас» С.О.). 2. Көбүнчө биттелбеген текеден же кочкордон күүлөгөн учурда чыгуучу конурсуган жаман жыт. 3. *өт.* Каар, ачуу. *Заарынан коркуп чоронун, Кыяз турду сабылып, Канчорого жалынып* («Манас»). *Менин атам Көкдөөнүн Эрдиги кыйын, заары күч* («Эр Төштүк»).

**ЗААР II** саар менен бирдей. *Заарда кукук үн салып Сайрандай күүсүн толгоду* (Үсөнбаев).

**ЗААР III: орто заар** *к.* **орто.**

**ЗААРА** Денеден бөйрөк аркылуу иштелип чыккан керексиз суюк зат, сийдик. *Зааранын түсүнүн өзгөрүшү табарсык оорусунун алгачкы белгилеринен болуп саналат* («Ден соолук»).

**ЗААРАСЫ БУЛУТ АЙЛАНУУ** Айласы кетүү, эмне кыларын билбей кыйын абалда калуу, шаштысы кетүү. *Баки жогу үйүлүшүп, зар какшап үрпөйгөнүн көрүп, заарам булут айланды* (Бейшеналиев).

**ЗААРАСЫ УЧУУ** Өтө катуу коркуп кетүү. *Алардын түрүн көргөндө заарасы учуп кетти.* **В.: Заарасы житүү.** *Көрүп турган адамдын заарасы житкидей окуя болду* («Ала-Тоо»).

**ЗААРДАН** Ачуулануу, каардануу, каарын төгүү. *Заарданып полковник дагы кыйкырды* («Ала-Тоо»).

**ЗААРДУУ** 1. Уулуу, уусу бар. *Заардуу кара чаар жылан.* 2. Каардуу, ачуулуу. *Иним мурдакыдан бетер заардуу* (Сасыкбаев). *Ал заардуу киркиреп алдыга жүткүндү* (Айтматов).

**ЗААРКАН I.** Дити барбоо, көңүлү калгандыктан, жүрөгүнө тийгендиктен ж. б. көргүсү келбеген, даап жологусу келбеген, жийиркенген сезимде болуу. *Аскар тамекисин удаа-удаа соруп жатса, өз денем ууланып жаткандай заарканып отурдум* («Ала-Тоо»). *Бул быкы-чыкы машина тетиктерине акылым кантип жетет деп заарканды*м («Ала-Тоо»). 2. Каардануу, зилденип ачуулануу, каарын төгүү. *Арзыкул эми минтип каны кайнап, Акунжанга заарканып, тиштерин кычыратып отурат* (Байтемиров).

**ЗААРКАНТ зааркан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗААРКАНУУ зааркан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗААРЛУУ заардуу** менен бирдей. *Заарлуу сөз анын кулагына кайта-кайта угула берди* (Байтемиров).

**ЗААРЫ БЕТИНЕ ЧЫГУУ** Ачуусу келүү, жинденүү, каардануу, ачуудан өңү бузулуп кетүү. *Анын түркүн кылыктары көңүлгө жакпай, каны кайнап турган Атабайдын заары бетине чыгып, күрс этти* (Саатов). *Боору ачымак тургай, бул сөзгө Егордун заары бетине чыгып, ырайын бузду* (Саатов). *Мусулманкулдун таноолору кыпчылып, заары бетине чыга түштү, өзүн-өзү токтото албай кетти* (Касымбеков).

**ЗААРЫН ТӨГҮҮ** Каардануу, ачуулануу, бөйдөй кууруу, жаалы келүү. *Муратаалы ичинен ичиркенген заарын төгүп жиберүүгө кыжынып, мойнун созо ыкыстады* (Бейшеналиев). **В.: Заарын чачуу.** *Корбашы заарын чачып, жигиттерин ийрип, качкындарды табууга катуу буйрук берди* («Ала-Тоо»).

**ЗАБАР ЗЫНДАН** Азап түрмөсү, кыйноо түрмөсү (зынданы). *Забар зындан түбүнө, Алтоон азыр салалы* («Манас» С.О.).

**ЗАБАР** Эски араб алфавитиндеги кыска **а** тыбышын билдирүү үчүн тамганын үстү жагына коюлуучу белги.

**ЗАБАРЗАР** 1. Тоо хрусталы – асыл таштардын бири. 2. Асыл таш. Кээде сер-сабар, же сабар-сер алтын-күмүш, алтын, кымбат баалуу буюм, коoздук маанилеринде да айтыла берет. *Сабар менен серисиз, Сары алтындын кенисиз* («Манас» С.О.).

**ЗАБАСТОВКА** Өздөрүнүн саясий жана экономикалык талаптарын орундатуу мак-

сатында жумушчулардын уюмдашкан түрдө иш таштоосу, уюшкан түрдө кызматка чыкпай коюу. *Былтыркы забастовкага катышкандыгым үчүн өч алгысы келип жаткандыр, – деди Рудаушек* (Баялинов).

**ЗАБАСТОВКАЧЫ забастовщик** менен бирдей.

**ЗАБАСТОВЩИК** Забастовкага катышуучу.

**ЗАБИРЖАТ** Асыл таштын бир түрү.

**ЗАБОЙ** Кен казылып жаткан жайда, шахтада кен уратылып жаткан жер. *Ал забойдо кайло кармап тургандай* (Токомбаев). *Он төрт забойдо ирилештирилген комплекстүү бригадалар түзүлгөн.*

**ЗАБОЙЧУ забойщик** менен бирдей.

**ЗАБОЙЩИК** Забойдо кен казуучу, забойдо иштеген жумушчу. *Нуркасым Жыргалаң кенинде забойщик болуп иштеп калды* (Сасыкбаев).

**ЗАБУР** *дин* Кудай таала асмандан пайгамбарларына Тоорат, Инжил, Куран менен бирге жиберген төрт китептин бири. *Сенин сөзүң кем беле Инжил, Забур, курандан (Токомбаев).*

**ЗАБЫН** 1. Убалына калуу, күнөөлүү болуу, жооп берүү (канга забын болуу – өлүм үчүн жооп берүү), күнөөлүү болуу. *Забун болбо каныңа, Зыяны тиет жаныңа* («Эл адабияты»). *Жок, мен бирөөнүн канына забын болбоймун* (Токомбаев). 2. Себепчи. 3. Тоскоолдук. *Канга забын болдум – деп* («Манас» С.О.). *Ошол митаам элге бир далай забын кылып кетти. Болотхандын жанына забын кылбаңыз.* (Касымбеков).

**ЗАБЫНЫНА КАЛУУ** Убалына калуу, бөөдө кыянатчылык кылуу, жок жерден жапа чектирүү. *Айыбым болсо башымды кес, болбосо забыныма калба* (Абдукаимов).

**ЗАБЫР Жабыр** менен бирдей. *Биздин бабалар жырткыч айбандардан забыр тартып калышчу* (Сыдыкбеков).

**ЗАБЫРКА Жабырка** менен бирдей. *Айныса ошол таяктан забыркап жүрүп өлгөн* (Жантөшев).

**ЗАВИР** Шор жердин, саздак жердин суусун кургатыш же азайтыш үчүн казылган терең арык.

**ЗАВОД** 1. Өнөр жай ишканасы, ошондой эле промыслолук ири ишкана. *Кичинекей өндүрүш чоң булгаары заводуна айланды* (Сасыкбаев). 2. Асыл тукум жылкыларды өстүрүүчү ишкана. *Береги көз кайкып жаткан жылкы заводунун беделери* (Байтемиров).

**ЗАВУЧ** Мектепте, окуу жайында ж.б. окуу бөлүмүнүн башчысы.

**ЗАВХОЗ** Мекеменин, ишкананын, уюмдун ж. б. чарба иштерин башкаруучусу, чарба башчысы. *Бул адам – биздин институттун завхозу* (Бейшеналиев).

**ЗАГАРА** *диал.* 1. Жүгөрүнүн уну же жүгөрү унунун аралашмасы. 2. Жүгөрү унунан жасалган нан. *Жолдо келе жатканда загарабыздан анча-мынча чайнап келип аябай чаңкаганыбыз* (Абдукаримов). *Жумушчу колундагы загара нандын сыныгын тиштеп коюп колдуроодо* (Сасыкбаев). 3. Мака жүгөрүдөн салынган бозо. *Загарага мас болуп, Чылым чегип айкырып, Сартың менен куруп кал* (Калмырза).

**ЗАГОВОР** Белгилүү бир саясий максатта же бийликке, бирөөгө каршы бир нече адамдын жашыруун түрдө макулдашып сөз байлашып алышы жана ошондой сөз байлашкан аракети.

**ЗАГОВОРЧУ заговорщик** менен бирдей.

**ЗАГОВОРЩИК** Заговорго катышуучу.

**ЗАГС** Аткаруу комитетинин алдындагы баланын туулгандыгын, өлүмдү, үйлөнүүнү, ажырашууну, бала кылып багып алууну каттоочу бөлүмү.

**ЗАГЫР** *туурасы:* **сагыр.**

**ЗАГЫРА загара** менен бирдей. *Загыранын кара, катык жармасы былжырап турган эле* (Касымбеков). *Загыра нанга жеткирбей, Зарлантасың жокчулук* («Эл адабияты»).

**ЗАДИ заада, заади** сөздөрүнүн мааниси менен бирдей.. *Задисин билбей сарт болуп* («Манас» С.О.). *Задинде кулдун баласы, Кул дегенге күйөбү* («Кедейкан»).

**ЗАЁМ** 1. Финансы операциясында: белгилүү бир шартта кайра кайтарып бере турган кылып карыз алынган акча. 2. *сүйл.* Облигация, облигация кагазы.

**ЗАЖИГАЛКА** Тамеки күйгүзүп алуу, от тутандыруу ж.б. үчүн колдонулуучу чөнтөккө салып жүрүүгө ылайыкталган буюм, оттук. *Бугимов махорканы кагазга орой, зажигалка чагып күйгүздү* (Сасыкбаев).

**ЗАИД** 1. Сопу, такыба. 2. Энчилүү ат.

**ЗАЙПАНА** Аял мүнөздүү, алсыз, чабал, казан-аякка жакын, аялдардын жумушуна кирише берме. *Эшкул болсо зайпана кокуй күн* (Бейшеналиев).

**ЗАЙПАНАЛЫК** Кайратсыздык, начарлык, жүүнү боштук, аял мүнөздүүлүк, майдачылдык.

**ЗАЙТУН** Түштүк өлкөлөрүндө өсө турган, дайым жашыл болуп туруучу Ак чечектер тукумундагы өсүмдүк уруусу.

**ЗАЙЫМКЕ** *тар.* Кыргыздар Россиянын курамына кирген кездерде айрым адамдарга ээликке берилген жер. *Зайымкесинде жер түртүп доңузу калыптыр (Сыдыкбеков).*

**ЗАЙЫП** Аял, жубай. *Мен Каныбектин зайыбы Анархан боломун* (Жантөшев). *Калмурат да, зайыбы Алима да келинге ыраазы болуп калышты* (Абдукаримов). *Жаман аял билбеймин кайдан чыгат, Жакшы зайып табылгыс бир кен азыр* (Токтогулов).

**ЗАЙЫР** 1. Даана, ачык, чын, көрүнөө. *Зайыр деген неме менин зайыр акымды ушул*

*күнгө чейин моюн таптык кылып бербей жүрөт (Карасаев).* 2. Энчилүү ат.

**ЗАК** Ным. *Тамына зак кетиптир, көп жыл болуптур.*

**ЗАК КЕТИРҮҮ** Шек келтирүү, акарат кылуу. *Бирок коммунадан куулду деген ат укум-тукумга зак кетирбейби деп, убайым жейт* (Ашымбаев). *Анын бакиси Манас боло берсе, анда Манастын баркына зак кетирип, каргышка каларбыз* (Бейшеналиев). *Колумду узарткан тилмечимди кагып-согуп кодуласам түбүбүзгө зак кетер* (Бейшеналиев).

**ЗАКА** *диал.* Жара, жарадар, жаралуу. *Турсунайдын жүрөгү айрылып кеткендиги чын эле. Бирок жүгүрүп келгендиги үчүн эмес, анын жүрөгү закалуу болчу* (Абдыраманов).

**ЗАКАЗ** Аткарып, бүтүрүп берүүгө, иштеп берүүгө берилген иш, тапшырма. *Заказдар мөөнөтүндө орундалат.* ‖ *Заказдарды аткарууга салкын кароочулукту жоюу керек.*

**ЗАКАЗНИК** Аңчылык кылууга, балык кармоого тыюу салынган токойдун же суунун бир бөлүгү.

**ЗАКАЗНОЙ** Кошумча акы төлөнүп жеткирүү жооптуулугу күчөтүлгөн (кат, бандероль жөнүндө). *Атайы заказной кылып кат жибериптир* (Таштемиров).

**ЗАКАЗЧИК** Заказ берген, заказ кылган адам. *Жакында заказдарды кабыл алуу жана даяр болгон продукцияны заказчиктерге берүү жайы уюштурулган* («Кыргызстан аялдары»).

**ЗАКАЗЧЫ** **заказчик** менен бирдей.

**ЗАКИ** *диал.* Кексе. *Заки болгон Түгөл алдын ала билип, Самардын колун тыкыйтып кармап туруп албадыбы* (Бейшеналиев).

**ЗАКМАТ** Азап, мээнет, кордук. *Закматын тарттым калдайган, Биябан кара талаанын* («Манас» С.О.).

**ЗАКМАТКЕЧ** Эмгекчи, мээнеткеч.

**ЗАКОН** 1. Мыйзам, мамлекеттик бийликтин жогорку органы тарабынан бекитилген жалпыга милдеттүү жобо, эреже. *Закон жобосунда да мындай кылмышкердин тартар жазасы оор* (Сыдыкбеков). 2. Себеп менен натыйжанын ортосундагы ички негизги байланыш, кубулуштардын ортосундагы объективдүү зарыл байланыш. *Жаратылыштын жана коомдун өнүгүү закондору.*

**ЗАКОНДУУ** Законго негизделген, законго ылайык, закон ченемдүү. *Өмүр өзүнүн закондуу чыйырынан жаңылбайт эмеспи* (Токомбаев).

**ЗАКОНЧУ** *сүйл.* 1. Законду жакшы билген адам. 2. *сүйл.* Обу жок эле законду ала сүйлөгөн, ыгы жок эле законго таянган адам.

**ЗАКОНЧУЛ** закончу менен бирдей.

**ЗАКУСКА** Ичкилик ичкенде аз-аздап желчү жеңил тамак, даам. *Бадыраңды закускага керек кылганы жүрөсүңөр го? – деди Марфа* (Сасыкбаев).

**ЗАКУСКАЛЫК** Закуска боло тургандай, закуска үчүн пайдаланылуучу.

**ЗАКЫЙ** Залкайган чоң көрүнүштө болуу. *Касиеттүү төрөсү уктап жатат закыйып* («Семетей»).

**ЗАКЫЙТ** **закый** этишинин аркылуу мамилеси. *Беш чанага закыйта чөп басып жөнөгүчө түшкө жакын болот* (Элебаев).

**ЗАКЫМ** Көзгө байкала тургандай болуп мелмилдеп, термелгенсип соккон аба толкуну, агымы. *Чүйдө закым мунарыктап күн кайнап турган кез болучу* (Сыдыкбеков). *Көзгө булбулдөгөн закымды карап, ар кыл ойго кетем* (Элебаев).

**ЗАКЫМДА** 1. Мелмилдеп, лепилдеп жүрүү, согуу (аба жөнүндө), закым жүрүү. *Закымдап сырттан жел жүрсө, Келгенсийт жакын алыс жер* (Маликов). *Салкын жел да закымдап, Таң агарып аткан кез* (Жетикашкаева). 2. Катуу, тез жүрүү, чуркоо, зымыроо, көзгө илээшпей зыпылдоо. *Чу дегенде, Чалкуйрук жаадай учуп, закымдап* («Эр Төштүк»). *Келгенде Алмаң жакындап, Карaанын үзүп Алгара Жөнөй берди закымдап* («Манас»).

**ЗАКЫМДАН** **закымда** этишинин өздүк мамилеси. *Кардуу адырлар закымданып, күн кызарып уясына батып бара жаткан* (Сасыкбаев).

**ЗАКЫМДАТ** **закымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАКЫМДОО** **закымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАЛ I** Чогулуш өткөрүү же башка иш жүргүзүү максатында курулган көп кишилик чоң бөлмө. Жаңы *бүткөн жаркыраган чоң мектеп, Бул мектептин заңгыраган залын көр* (Маликов). *Кабинеттерге, окуу залына кирип, анда даярданып жаткан балдар менен кыздар* (Бейшеналиев).

**ЗАЛ II** Уюган чоң-чоң туз, кара туз, шамшыкал же жалама туз. *Тузуң аппак, тунук зал, Адам ичип, мал жесе, Анык таттуу шекер-бал* (Калык).

**ЗАЛ** Кандайдыр бир терс көрүнүштүн зыяндуу калдыгы, кесепеттүү зыяндуу натыйжа. *Таяктын залы кетчүбү, ошо баш көтөрө болгон калыбында комузун ары кармап, бери кармап отуруп, анан аны балага сунду* (Станалиев). *Ачарчылык залдарынан элди келте оорусу каптай баштады* (Элебаев). *Ошонун залдарынан оң көзүм көрбөйт* (Жантөшев). *Капа болбо Шарыйпа, Сенде эскилик залдары* (Маликов).

**ЗАЛАКА** **салака** менен бирдей.

**ЗАЛАЛ** Зыян, салака, зыяндуу таасир. *Куйуткө салдың залимдер, Көрүнду беле залалым* (Токтогул). Ал эч кимге залалы жок бир момун пенде (Өмүрбаев).

**ЗАЛАЛ КЕЛТИРҮҮ** Зыян кылуу, салакасын тийгизүү, зыяндуу таасир калтыруу. *Кол салуучуга байкабастыктан залал келтирүү кылмыш-жаза жоопкерчилигине алып кел-*

*бейт (КР Жарчысы).* **В.: Залал кылуу.** *Алтымыш мерген аткарып, териге залал кылдырат, Бир-бир көзгө аттырып* («Манас»).

**ЗАЛАЛДУУ** Зыяндуу, зыян келтире турган. *Залалдуу иш.*

**ЗАЛАЛСЫЗ** Зыянсыз, зыяны жок. *Казак өзү залалсыз момун эле* (Сыдыкбеков).

**ЗАЛИМ** Зордук-зомбулук керсөтүүчү кара ниет, бирөөлөрдү ырайымсыздык менен эзип, талап-тоноочу таш боор, кысым көрсөтүүчү зулум. *Көз көрүнө залимдер Көрсөттү кыйла зордукту* (Тоголок Молдо).

**ЗАЛИМДИК** Зулумдук, эзүүчүлүк, кара ниеттик, ырайымсыз кысым көрсөтүүчүлүк. *Кедей адам өзү адил, сөзү калыс, Жолунан, залимдиктин болгон алыс* (Тоголок Молдо).

**ЗАЛКАЙ** Чоң көрүнүштө болуу, залкар, алибеттүү көрүнүү. *Мына эми ошол бала мынабу залкайган азамат* («Советтик Кыргызстан»). *Ак кула минген аркайып, Айкыра сүйлөп залкайып* (Маликов).

**ЗАЛКАЙТ залкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАЛКАР** 1. Өтө чоң, зор, бараандуу, олчойгон, абдан көлөмдүү. *Айланып бүркүт шаңшыган, Ак-Сайдын залкар тоосунан.* 2. Улуу, көрүнүктүү, ашкан. *Залкар акын. Залкар жазуучу. Чыңгыз Айтматов – залкар жазуучу.*

**ЗАЛКАЮУ залкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАЛКЫЙ залкай** менен бирдей. *Буурул бээнин да таманы кызып, залкыйган Андрейди жүк ордуна көрбөй учуп келүүдө* (Сасыкбаев).

**ЗАЛП** Бир нече атылуучу куралдар менен бир мезгилде жапырт атуу.

**ЗАЛУ** Жигит, улан. Жан жөкөр. *Ырчыга топшур тарттырып, Жан жөөкөрү залуулар* («Эл адабияты»).

**ЗАЛЫМ** *туурасы:* **залим.**

**ЗАМАЗКА** Терезенин жылчыктарын, жаракаларды бүтөө үчүн атайын жасалган жабышкак зат. *Терезенин замазкасы. Замазка алып коюу.*

**ЗАМАЗКАЛА** Замазка менен жылчык, жаракаларды бүтөө, замазка сүртүү. *Терезени замазкалап бүтөө.*

**ЗАМАЗКАЛОО замазкала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАМАН** Адам баласынын, элдин, мамлекеттин, коомдун турмушундагы кандайдыр бир белгилүү окуялар, кубулуштар менен мүнөздөлгөн, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар бир кыйла узак убакытты ичине алган мезгил, доор, жашоонун, өмүр сүрүүнүн белгилүү бир убагы. *Бир заманда ал жер токойлуу болуптур* (Сыдыкбеков). *Биздин замандагы балдар келечектин ээлери* (Байтемиров).

**ЗАМАНА заман** менен бирдей. *Зарлантып койгон күнөөсүз Заманага таарындым* (Токтогул).

**ЗАМАНАСЫ КУУРУЛУУ** Аргасы түгөнүү, айласы кетүү, эмне кыларын билбей абдан кыйын абалда калуу. *Төлөмүштүн заманасы куурулуп, сендиректеп ордунан тура жөнөдү* (Бердикеев). *Заманасы куурулуп турган Качикенин жаны ордуна келе түшүп, чынын айтып берди* (Абдукаимов). *Угуп отургандардын заманасы куурулуп, теребел кайгы-капага толуп кеткендей сус тарта түштү* (Ш.Үмөталиев). **В.: Заманасы таруу.** *Уламдан-улам заманасы тарып, санаалары санга бөлүнө баштады* (Жантөшев).

**ЗАМАНАЧЫЛ АКЫНДАР** *Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман» Молдо Кылыч «Зар заман», Алдаш молдо «Хал заман», Токтогул «Замана».*

**ЗАМАНБАП** Өз мезгилине ылайык, заманга туура келүүчү, учурдун талабына жооп берүүчү. *Ишкана заманбап техника менен жабдылган.*

**ЗАМАНДАШ** Бир доордо, бир убакта жашаган, тентуш курбу-курдаш. *Мен өзүмдүн замандаштарым менен сүйлөшкөндү жакшы көрөм* (Абдумомунов). *Замандаш болуп бирге өсүп, Сабак алган мен элем* (Токтогул).

**ЗАМАТ** Окуя, кыймыл-аракет дароо, бат, кандайдыр бир учур менен удаалаш болгондугун көрсөтүүдө колдонулат. *Сорокин келер замат Волковдун түрү өзгөрүлө баштады* (Жантөшев). *Жылдызкан башы жаздыкка тиер замат уйкуга кетти* (Байтемиров). *Ошол эле замат эшиктен Марфанын добушу угулду* (Сасыкбаев).

**ЗАМАТТА** Дароо, бат эле, бир паста. *Ал ишин заматта бүтүрдү* («Ала-Тоо»). *Алымкул заматта Гүлайымга жетип барды* (Абдукаримов). *Калыбектин заматта өзгөрүлө калышы таң каларлык болду* (Каимов).

**ЗАМБАР** *диал.* Замбил.

**ЗАМБАРЛА** *диал.* Замбилди колдонуу, замбилдөө. *Кык ташытып замбарлап, Булкунганы күйгүздү* (Барпы).

**ЗАМБИ** Топ-топ болуп өсүүчү жапан тал. *Тосмо курула электе бала жээктеги замби талдын суу чапкылап турган бутагын кармаанып түштү сууга* (Айтматов).

**ЗАМБИЛ** Алды-артында кош сабы бар, ортосу чырпыктан согулуп (же таардан, жыгачтан, жука калайдан да болушу мүмкүн) жасалып, ар кандай нерселерди салып эки адам колдошуп көтөрө турган көтөргүч, сандал. *Көпчүлүк биздин мектепти курушканда ушул Мерген беш замбил ылай көтөрүшүп, мончого түшкөндөй тердеген эле* (Сыдыкбеков). *Самсахун аттын тезектерин замбилге салды* (Жантөшев).

**ЗАМБИЛДЕ** Бир нерсени көтөрүүдө, ташууда замбилди пайдалануу, замбилдеп ташып чыгаруу.

**ЗАМБИРЕК** Ири калибрдүү окторду, снаряддарды атуучу артиллериялык курал-

дардын жалпы аты, алыска атуучу узун стволдуу артиллериялык курал. *Алыска атуучу замбирек. Асманга атуучу замбирек. Танкыга каршы колдонулуучу замбирек. // Тоону карай күрсүлдөп, замбирек атыла баштады* (Элебаев). *Жүздөгөн замбиректер көз ирмегенче күрсө-күрс ок чыгарууда* (Касымбеков).

**ЗАМБИРЕКЧИ** Замбиректи тейлеп, замбирек атуучу, артиллерист. *Эр танкист, замбирекчи, пулеметчу, Ата бер касташканды аяба ок!* (Үмөталиев).

**ЗАМЕТКА** 1. Кыска макала. 2. Кыскача жазуу, белги.

**ЗАМЗАМ** Диндик түшүнүк боюнча: ыйык, дарылык касиети бар деп эсептелген Мекенин булагынын суусу. *Өлүгүн көрүп асылдын, Замзам менен жуубадык* («Сейтек»). *Айтпагын анда менин тазарганым, Жөн эле зам-зам сууга жуунгандай* (Эралиев).

**ЗАМПАР** Кар, сары кар. *Күзүндө жаап, жаз кеткен, Көбүктүү зампар кар белең?* (Калык).

**ЗАМПАРЛА** *туурасы:* **сампарла.**

**ЗАМША** Өзгөчө жол менен ийленген, абдан жумшак, сырткы бети баркыт сыяктанган булгаары. *Замшадан тигилген туфли.*

**ЗАМЫН** 1. Жер. 2. Мамлекет өлкө. *Сейли замын тушунда, Жатат, угам, жан багып* (Эл ырлары).

**ЗАМЫРДАЙ КАКШОО** Абдан, аябай тактап, дааналап жеткире түшүндүрүү, жеткиликтүү баяндоо. *Аскер башчысынын колдоосусуз илимий изилдөө ишинен натыйжа чыкпасынан саякатчы замырдай какшап тү- шүнтсө да, полковник «эч айла таба албайм» деп койду* (Осмоналиев).

**ЗАН** *арх.* Аял, катын. *Кызы талак, зан талак, кайдан келдиң анталап* (Эл ырларынан).

**ЗАҢ I** 1. Үрп-адат, салт. *Жашырып жакындардын айыптарын, Жүргүзүп, эзелки заң айыптарын, Жүрүшкөн кубулма, эки беттүү* (Элебаев). *Уйгурдун заңында молдолор бүтүн түтүнгө кыдырып куран окуйт* (Элебаев). 2. Закон. *Ырас өкмөттүн заңзаконун эске албасак иш бүтөбү* (Жантөшев). *Кеңеш заңы, келген чагы* (Калык). «Туулган өлөт, эски улам жаңыланат, Бул өзү – улуу заңы өнүгүүнүн» (Токтогулов).

**ЗАҢ II** Ичтен бөлүнүп чыгуучу керексиз зат, бок. *Бир маалда аттар туруучу жайдан жылкынын заңы, беденин жыты буркурады* (Сасыкбаев).

**ЗАҢ III** *диал.* Дат. *Заң баскан.*

**ЗАҢ IV** Катуу нерсени (көбүнчө металлды) урганда же бири-бирине кагышканда чыккан катуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Чиркөөнүн коңгуроосун, заң дедире бир какты.*

**ЗАҢГАР I** 1. Катыны бузук (тилдөө, кордоо максатындагы айтылуучу сөз). 2. *өт.* Ант ургур, шүмшүк, жек көрүмчү. *Билгенин кылган заңгарбы* («Манас» С.О.).

**ЗАҢГАР II** Эбегейсиз чоң, залкар, абдан бийик, даңкайган зор. *Бакыйып келип отурган, Баягы Жолой заңгарбы* («Манас»).

**ЗАҢГЕЛ** Абдан бийик, заңкайган аска, зоока. *Илгери ушундай заңгелден жүктүү машина эмес салт атчан өтө албай сөөгү сөпөт болбодубу* («Жаш ленинчи»). *Бийик заңгелди минип турган коюу кара булут түнөрүп улам калыңдап келет* (Элебаев).

**ЗАҢГИ I** 1. Жергиликтүү эл башкаруучулардын эң төмөнкүсү, төмөнкү мансаптын бири. *Заңгилерге кеп айтат, Баарың, уккун, – деп айтат* («Семетей»). 2. Эпостордо: кеңкелес, катаал дөө.

**ЗАҢГИ II** 1. Нерсенин, адамдын өңүнүн капкара экендигин туюнтуучу сөз. *Топук аяр заңгиси токтолбостон туруптур, топуракка дем салып, ууштап алып уруптур* («Манас»).

**ЗАҢГИ АТА, ҮЗӨҢГҮ БАБА** Уйдун пири. *Өтө капкара киши болгондуктан, Заңги аталып кеткен. Ахмед Есавийдин устазы Арсланбап эшендин тукумунан. Мүрзөсү Ташкенден 16 км алыстыкта Заңги ата кыштагында* (Карасаев).

**ЗАҢГИ БАБА** Мүйүздүү ири малдын (айрыкча уйдун) колдоочусу, тотеми.

**ЗАҢГЫРА** 1. Жаңырыкта, заңк эткен катуу дабыш чыгуу. *Атылат тынбай замбирек, Жер жаңыртып заңгырап* (Үмөталиев). *Түтүндүү эски бараң заңгырады* (Токомбаев). *Биз дүркүрөп иштейбиз, Үн салсак талаа заңгырап* (Маликов). 2. Бийик, чоң, кенен болуп көрүнүү, заңкайган көрүнүштө болуу. *Залдарынын көбүн айт, Бардыгы кең, заңгырайт* (Үмөталиев). *Заңгырап түн ичинде бийик аска, Түнөрүп түн койнунда түрү башка* (Шүкүрбеков).

**ЗАҢГЫРАТ** **заңгыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Алыбек куру дүрмөт менен заңгырата бир атып койду* (Жантөшев).

**ЗАҢГЫРОО** **заңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАҢДА** Ичтеги керексиз заттарды чыгаруу. *Эмчек эмген балдарга эмчекти иретсиз эмизсе же өтө тойгуза тамак берсе баланын тынчы кетип, тез-тез заңдап, куса баштайт* («Кыргызстан аялдары»).

**ЗАҢК** Мылтык атылгандай, катуу кыйкыра үн салгандай катуу чыккан дабышты, үндү билдирүүдө колдонулат. *Тартып ийди Табылды, Бараңдын үнү заңк этип* («Эр Табылды»). *– Болгула! Чамдагыла! – деп Кармышактын кыйкырганы суунун аркы өйүзүнө заңк этет* (Байтемиров). *Шамбеттин үнү заңк этип бийик чыкты* (Сыдыкбеков).

**ЗАҢКАЙ** Абдан бийик, чоң болуп көрүнүү, заңгыраган зор көрүнүштө болуу. *Ала-Тоонун төбөсү, Асманга жетип заңкайып*

(Осмонкул). *Заңкайып мектеп алыстан, Тургансыйт балдар келсе деп* (Шүкүрбеков).

**ЗАҢКАЙТ заңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАҢКАЮУ заңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАҢКЕР** 1. (көк заңкер) Суу, ным жерде турган нерсенин бузулушунан пайда болгон көк дат. *Ирип-чирип, заңкер болгон тамырын Түбөлүккө өнбөс кылып жулабыз* (Токомбаев). *Көк заңкер үйдөн кутулуп, Ак өргөө болду киргениң* («Мендирман»). 2. Жашыл боек.

**ЗАҢКЕРДҮҮ** Көк даттуу, ным тартып көгөргөн, көк заңкер баскан. *Көк заңкерлүү сыз болсун, Жамбаш коюп жатканың* (фольклор).

**ЗАҢКЫЙ заңкай** менен бирдей. *Заңкыйган үй.*

**ЗАҢКЫЛДА** Үндү, дабышты бийик, көтөрүңкү чыгаруу, заңылдоо. *Үнү бийик заңкылдап, Тили булбул шаңкылдап* (Токтогул). *Заңкылдап кошуп жиберди* (Сыдыкбеков). *Сурнай үнү заңкылдап, Жезнай үнү бапылдап* («Сейтек»).

**ЗАҢКЫЛДАТ заңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАҢКЫЛДОО заңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАҢТАЛАК//САНТАЛАК** Жүзү кара, оңбогур. *Каткырышып кубанып, Кайра келет заңталак* («Эл адабияты»).

**ЗАҢЫЛДА** заңкылда менен бирдей. *Замбирек үнү заңылдайт, Жар салып жеңиш жакын деп* (Үмөталиев).

**ЗАОЧНИК** *сүйл.* Кандайдыр бир окуу жайында сырттан окуп жүрүүчү адам. *Жайкы сессияга заочниктер бүт келди.*

**ЗАП** Ырас, абдан деген сыяктуу күчөтүү маанисин берет. *Култай да мында экен, зап болбодубу* (Абдукаримов). *Дарбыз зап бышкан экен да!* (Касымбеков). – *Зап акыл таптан экен!.. – Таппаса, Индостанга султан болобу?!* (Касымбеков).

**ЗАПАС** 1. Кийин пайдалануу, колдонуу, жумшоо үчүн камдалып, даярдалып, коюлган нерсе, азык-түлүк ж. б. *Азык-түлүктөрдүн запасы. Дан эгиндеринин запасы. Тоют запасы.* 2. *согуш.* Аскер кызматынан бошотулган, бирок зарыл шартта чакырып алынуучу, аскердик учетто турган граждандардын категориясы. 3. Бир нерсенин бар болгон, белгилүү болгон жалпы суммасы, өлчөмү. *Таш көмүрдүн запасы. Нефтинин чоң запасы.*

**ЗАПАСТА** Бир нерсени күн мурунтан камдап, белендеп коюу, запас кылуу.

**ЗАПАСТАЛ запаста** этишинин туюк мамилеси.

**ЗАПАСТАТ запаста** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАПАСТОО запаста** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАПАСТЫК запас** дегенге таандык. *Машиналардын запастык тетиктери.*

**ЗАПИСКА** 1. Кыскача кат. 2. Жазуу дептери, угулган же көчүрүлгөн нерселердин жазуулары. 4. Жол дептери. 5. Кээ бир илимий журналдардын аттары.

**ЗАПКЫ** Жапа чеккен кордук, жабыр, азаптуу кыйынчылык, оор түйшүк, кысым. *Ансыз да запкы тартып жүргөн байкуш атага Батийна бөөдө ызаланды* (Сыдыкбеков). *Кыз узаткан Казактын айлы запкы көрүп калышы ыктымал* (Сыдыкбеков). *Куу турмуштун запкысын көргөн Кулбаш аксакал мына ошондойдон уулунун оолак болушун каалайт* (Абдукаримов).

**ЗАПКЫН** *диал.* 1. Эпкин. 2. Учкун. 3. Илеп. 4. Залдар. *Жаман иштин запкыны болот.*

**ЗАПОВЕДНИК** Сейрек кездешүүчү, баалуу деп эсептелген же тукуму үзүлүп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү сактап калуу максатында аларды атууга, жок кылууга, кыюуга ж. б. тыюу салынып, коруп кайтарууга алынган жер, чектелген территория, корук.

**ЗАР I** *диал.* 1. Зер, алтын. *Бей бечара жетимге, Алтын, күмүш, зар бердим* («Эр Табылды»). *Балкасы менен зар чапкан* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Баалуу буюм, мүлк. *Кара жер болгон зардырмын* («Манас» С.О.).

**ЗАР II** Орундалбай, максатына жетпей жүргөн же жетпей калган өкүнүчтүү тилек, ичтеги арыз-арман, муң-кайгы. *Ушундай түн койнунда кемпир-чалдар Топтошуп кемегеде айтышты зар* (Токомбаев). *Жакшыңар калыс болсоңор, Жардынын зарын угуңар* (Осмонкул). 2. Зарыл, муктаж. *Канча жыл жүрдү кайгырып, Бир балага зар болуп* («Манас»). *Бирибизди бирибиз, Көрүшмөккө зар элек* («Манас»). 3. Кесепеттүү натыйжа, кандайдыр бир нерсенин зарпы. *Кузгундардын зарынан, Кармалып кеткем Сибирге* (Токтогул).

**ЗАР КАКШОО** 1. Зыркырап-сыздап, кейип-кепчүү, боздоо, зарлоо, *Эжемдин эртеликеч буркурап, зар какшаганы бассамтурсам эсимде* (Жусупов). *Туул жаткан эчкини атып алып, зар какшап калган Салы мерген көз алдыма тартылды* (Сайдуллаев). *Булардын зыяны калк арасына улуу тумоодой каптабаса экен дешип, зар какшашты* (Медетов). 2. Абдан зарылдыгын, муктаждыгын айтып какшануу. – *Уулумду ылымтаңарга сактай көргүлө, кагылайындар! – деп зар какшайт* (Медетов). – *Кайсы убакта айлык алабыз, – деп зар какшаганы да ушундан эле* (Ашымбаев). **В.: Зар ыйлоо.** 1. *Зар ыйлап малча сатылган, Селкилер күлгөн кез ушул* (Бөкөмбаев). *Ошондо ушул жайлоодогу балдар «Талкан! Талкан!» дешип зар какшап ыйлай турган* (Убукеев). *А дегенде Батийна көзүнөн жаш кетпей, эндиреп зар какчу*

(Сыдыкбеков). 2. *Карагул анда, зар ыйлап, Семетейге кеп айтат* («Семетей»). *Өз теңиме жете албай, ушинтип зар какшамак белем жеңеке ай* (Сыдыкбеков).

**ЗАРА** Кыпын. *Ак тааланын ишинде, Бир зарадай кири жок* («Манас» С.О.).

**ЗАРАҢ** Декоративдүү өсүмдүктүн бир түрү; табийгый түрдө туштуктүн тоолуу жерлеринде, көрк, көлөкө берүү үчүн мазарларда, маданий саябан бактарда өстүрүлөт.

**ЗАРБАП** *эск.* Алтындын же күмүштүн буусуна кармалып жип аралаштырылып токулган кымбат баалуу кездеме, парчанын бир түрү. *Ак зарбап кийсең жарашат, Аркар сындуу боюңа* (фольк.).

**ЗАРГАЛДАК** Токойлуу жерде жашоочу боор жүнү сары же көк түстөгү анча чоң эмес сайроочу куш. *Заргалдак учту. Заргалдактын уясы.*

**ЗАРГЫН** Кайчы гүлдүүлөр тукумундагы бир же көп жылдык өсүмдүк. Жалбырагы канаттай тилкелүү, топ гүлү чачы, гүлү сары, мөмөсү саадакча.

**ЗАРДА I зарде** менен бирдей.

**ЗАРДА II** *туурасы:* зарла.

**ЗАРДАЛ I** *диал.* Өрүктүн бир түрү. *Зардал алуу. Зардал өрүк бышты.*

**ЗАРДАЛ II** 1. *эск.* Башчы, жетекчи, жол башчы. *Калк бийлеген журт кармап, Зардал сыны бар экен* («Манас»). *Жообун берип салганы, Зор Кошой абаң зардалы* («Манас»).

**ЗАРДАЛ III** Сүйүктүүм, зар болуп сүйгөнүм деген мааниде колдонулат. *Санаага салбай уулду, Зардалым Чынар тилге кир* (Бөкөнбаев). *Ак шумкар салдым таанга, Ак зардалдын, дартынан адашып кеттим жаанга* (Элдик ыр).

**ЗАРДАП** 1. Кесепеттүү натыйжа, салака, кээр. *Батма акырында жумуштун зардабынан оорулуу болуп, былтыр өлдү* (Баялинов). *Оор күйүттүн зардабы менин зээнимди жаман кейитти* («Ала-Тоо»). *Күрөшкөн экөөнүн зардабынан, Кара жер кыр болуптур терең өзөк* («Эл адабияты»). 2. *өт.* Кайгы, чер. *Таратабыз түбүндө, Көкүрөктө зардапты* («Курманбек»).

**ЗАРДАР** *туурасы:* **сардар.** *Өзбекти сураган Акмат зардар бек эле* («Эл адабияты»).

**ЗАРДЕ** Кайрат, күч-кубат, жигер. *Келечектеги улуу акын жүрөгүндөгү зардесин, кайнап турган ышкысын жашыра алган жок* (Бөкөнбаев). *Зардеси бар боз балдар, Саяпкердин атындай* (Токтогул).

**ЗАРДЕК** *диал.* **сабиз** менен бирдей.

**ЗАРДЕЛҮҮ** Кайраттуу, күч-кубаттуу, жигердүү. *Чайнашкандын Азуу тишин чакпастан, Зарделүүлөр эч убакта тынч эмес* (Маликов).

**ЗАРДЕП** 1. Жаранын шүйшүн аралаш суусу, б.а. кандын сары суусу. 2. *өт.* Эттин көбүгү. *Кырк кулак казан толтура эт салып, кайнаганда зардебин чөмүчтөп сузуп алар элек. Жылкынын зардеби кеселманга табылбас дары дейт* (Айтматов).

**ЗАРДУУ** Кайгылуу, мүңдүү, армандуу. *Азап тартып жашымдан, Зардуу болгон жүрөгүм* (Бөкөнбаев). *Жалбарган зардуу ал үндү, Койчуман угуп жүгүрдү* (Бөкөнбаев).

**ЗАРЕ** Үрөй, өң-алат, коркКондогу кебете. *Жүрөгүм ноюп, заремен таям* (Даникеев). *Укпайсың мурункудай зареӊ учуп, Элинин кыңкыстаган муңдуу үнүн* (Турусбеков).

**ЗАРЕСИ УЧУУ** Үрөйлөнүү, үрөйү учуу, аябай коркуп кетүү. *Куугунчулар жакындаганда Батийнанын зареси учту* (Сыдыкбеков).

**ЗАРЗАМАН** Колониялык доордогу акындардын чыгармасынын аты. Доордун адилетсиздигине зар каккан, ыйлаган. *Зарлаганым зар заман, Адилдик кетти барчадан. Зар заманды зарлатып, Мен бечара чарчаган* (Молдо Кылыч).

**ЗАРКУМДУН УРУШУ** Аябаган катуу салгылаш, айыгышкан уруш, чоң кырылыш деген мааниде колдонулат. *Манасыңарды көргөн эмесмин. Заркумдун согушунда бирге жүрбөгөмүн, – деп айтып, чыйылдак Чымырбай таарынып калды* (Сыдыкбеков).

**ЗАРКЫРА** 1. Зырылдап тез жүрүү. *Күчтүү күлүк ат араба, Алга карай заркырайт* (Токомбаев). 2. Катуу үн чыгаруу, даркыроо. *Заркыра, чоорум, заркыра, Дабышым чыксын тартына* (Токомбаев).

**ЗАРКЫРАТ заркыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Анда-мында бир тийип, Заркыратып келатат* («Манас»).

**ЗАРКЫРОО заркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗАРЛА** Кайгы-мунун, арыз-арманын айтуу, ички дартын, зардуу ой-тилегин билдирип кейүү, зарыла муңканып өтүнүү. *А болбосо айтчы, жаным, эмне үчүн, Зарлап тапкан перзентимдей көрөмүн* (Султанов). *Карайган дарак чарбагым, Карааның көрбөй зарладым* (Токтогул). *Зарлап жүрүп карыганда көргөн жалгыз балаңыз* (Сыдыкбеков).

**ЗАРЛАН зарла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЗАРНА** Кызыл өңгөчтүн тушу ысыгандыкты сезип, жүрөгү айланып кыжылдоо абалы. Бул көбүнчө аш казандын маңызында кычкылдуулугу көп болгондо сезилет.

**ЗАРУР (зарурат)** Зарылчылык, керек болуу, жокчулук, кысылуу. *Дарыга зарур болгонбу, Кылымга кытай каны – деп* («Манас» С.О.).

**ЗАРУРАТ** Зарылдык, керек, керектик. *Бир зарурат иш чыгып калды.*

**ЗАРЫК** Абдан узак күтүү, зарылып көпкө күтүү. *Күн чыгышым сени күтөм зарыгып, Анык беле айткан сөзүң келем деп* (Кожомбердиев).

**ЗАРЫКТЫР зарык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗАРЫЛ I** Аткарылуусу өтө керек, абдан керек. *Зарыл иш менен баруу.*

**ЗАРЫЛ II** зарык менен бирдей.

**ЗАРЫЛДЫК** Абдан керектик, муктаждык.

**ЗАРЯД** Дүрмөт. *Электр заряды.*

**ЗАРЯДДОО** *Дүрмөттөө, кубаттуулук берүү, чыңалтуу. Батареяны заряддоо, аккумуляторду заряддоо, чөнтөк телефонду заряддоо.*

**ЗАСТАВА** 1. Шаар капкасы. 2. Чектеги сакчылар пункту.

**ЗАСТАВКА** *сүр.* Китеп графикасында басмадан чыккан газета, китеп бетинин тилкесинин туурасы менен бир орнаменттүү же көркөм сүрөттөө мүнөзүндөгү китептик тексттин кайсы бир бөлүмүн ачуучу анча чоң эмес композиция.

**ЗАТ** 1. Болмуш, нерсе, буюм. 2. *өт.* Маңыз, сапат, касиет. *Токсон тогуз миң заты* («Манас» С.О.). *Жеңесинин муңайым, зарлагандай айтып бергенине караганда – аябагандай аялуу зат* (Абакиров).

**ЗАЯ** Бекер, текке деген мааниде.

**ЗАЯ БОЛУУ** Өлүү, каза болуу. *Согуштан зая болду.*

**ЗАЯПКЕР** *туурасы:* **саяпкер**. *Акман бир жакшы атты өз алдынан кетирбеген заяпкер адам* (Сыдыкбеков). *Ат чабуучу заяпкер, Алыстан келген талапкер, Аттарын салды жарышка* (Тоголок Молдо).

**ЗВЕНО** 1. Бир бүтүндүн, бир нерсенин составдык бөлүгү. 2. Кандайдыр бир бирикменин, уюмдун эң кичине тобу, бөлүгү. *Капар пионерлерди чогултуп, звенонун сборун өткөрүп калды* (Таштемиров). *Звено түзүп келинден, Иштегин сүйгөн жериңден* (Үмөталиев).

**ЗВЕНОВОЙ** Звенонун жетекчиси, башчысы. *Кетиреңдеп күлгөн келин талаа бригадасынын звеновою* (Сыдыкбеков). *Эпкиндүү деп Бурманы Звеновой шайлаган* (Осмонкул).

**ЗЕБРА** Африкада жашоочу денесинде жол-жол тактары бар жапайы жылкы.

**ЗЕЙИН** *туурасы:* **зээн.**

**ЗЕЙНЕК** *туурасы:* **сейнек.**

**ЗЕЙРЕК** Сергек, акылдуу, эстүү, зээндүү, зирек. *Ашырды тааныган зейрек бир жигит кендин жайын сүйлөй баштады* (Сасыкбаев).

**ЗЕЙРЕКТИК** Акылдуулук, сергектик, эптүүлүк, эстүүлүк, жөндөмдүүлүк. *Зейректик менен иштөө. Зейректик менен мамиле кылуу.*

**ЗЕКЕТ** 1. *дин.* Шарият боюнча жарды, карыптар үчүн деп байлык-мүлкүнүн кырктан бир үлүшүнүн эсебинде жыйналуучу садага, кайыр. *Бир жылдык оокат болот силерге деп, Бир айыл зекеттерин берди жыйып* (Токомбаев). *Ар кимден алып зекетти, Бекер малды курадың* (Токтогул). 2. *тар.* Кокон хандыгынын мезгилинде малга карата алынган салык, налог. *Малдан алган зекетти, Бардык элди кекетти* (Тоголок Молдо). **В.: түндүк зекет** *тар.* Ар бир түтүндөн, үйдөн бир жылда бир койдон алынган салык. **В.: алал зекет** *тар.* Малдын элүү башынан бир баш алынган салык. *Жыл сайын хандын желдеттери «алал зекет», «түндүк зекет» дедиртип налогдорун жыйнашкан* («Ала-Тоо»).

**ЗЕКИ** Жекирүү, жемелөө. *Зекибе! сенден корко турган жерим жок* (Турусбеков). *Айдай андан эмне үчүн качат, же атасы зекип койгонбу* (Каимов).

**ЗЕКҮҮ** **зеки** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЕЛЁНКА** Жугуштуу оору жукпас үчүн денеге сүйкөлүүчү, денедеги жараны айыктыруу үчүн колдонулган спирттүү кошулмасы бар бриллиант жашылы.

**ЗЕҢ** Жүзүм боткогунун сөңгөгү.

**ЗЕҢГИ БАБА** **Заңги баба** менен бирдей.

**ЗЕҢГИРЕ** Башы айлануу, кеңгирөө, эңги-деңги болуу. *Эси ооп эндиреп, Акыл тайып зеңгиреп* («Манас»). *Эсин жыйып алалбай Зеңгиреп жаткан андан көп* («Семетей»).

**ЗЕНИТ** 1. *астр.* Байкоочунун төбөсүнө дал келген асмандагы эң жогорку чекит. 2. *өт.* Бир нерсенин өсүшүнүн, көтөрүлүшүнүн эң жогорку чекити, жогорку баскычы.

**ЗЕНИТКА** *сүйл.* Зениттик курал, асманга атуучу замбирек. *Ушул кезде «биздин зенитка» да тигиле кирди* («Ала-Тоо»).

**ЗЕНИТТИК** *сог.* Асманга атуучу, асманга атуучу куралдары бар. *Зениттик артиллерия. Зениттик батарея.*

**ЗЕНИТЧИК** Зениттик артиллериянын артиллеристи. *Немецтин самолёттору учуп келип эшалонду бомбаламакчы болду эле, душмандын самолётторун биздин зенитчиктер жолотподу* (Бөкөнбаев).

**ЗЕР I** Алтын. *Эр кадырын эл билет, зер кадырын зергер билет* (макал).

**ЗЕР II** *туурасы:* **сээр II.**

**ЗЕР III** Сыйкыр, дуба. *Көз байлаган дубакөй, Аялдардын зериби.*

**ЗЕРГЕР** Алтын, күмүштөрдөн ар түрдүү буюмдарды жасаган чебер уста. *Эр кадырын эр билет, Зер кадырын зергер билет* (макал). *Алтынды зергер эритет, Адамды өлгөн кемитет* (Тоголок Молдо).

**ЗЕРГЕРЛИК** Алтын, күмүштөн буюм жасоо устачылыгы. *Мен он жашыман тартып эле атамдын зергерлик ишине жардамдаша баштадым* (Абдукаримов).

**ЗЕРГЕРЧИ** **зергер** менен бирдей. *Күмүш чапкан зергерчи. Муну зергерчиден алдым.*

**ЗЕРГЕРЧИЛИК** **зергерлик** менен бирдей.

**ЗЕРДҮҮ** Алтындуу, алтын менен коозголгон. *Сабы зердүү кылыч.*

**ЗЕРЕК** Зээндүү, зирек. *Алты жаш бирок бала өтө зерек* (Шамшиев). *Өнөр качып кутулбайт, Акылы зерек адамдан* (Токтогул).

**ЗЕРИГҮҮ** **зерик** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЕРИЗА** Алтындуу таш, алтыны бар таш.

**ЗЕРИК** Бош, бекер болуп же бирөөнү көпкө күтүп зарыгуу, эригүү. *Үйдө жалгыз олтура албай зеригип кетем* (Абдукаримов). *Анархандын келишин күтө берип абдан зерикти* (Жантөшев).

**ЗЕРИКТИР зерик** этишинин аркылуу мамилеси. *Сапарбек өзүнүн башынан өткөн окуяларын сүйлөп бир зериктирчү эмес* (Элебаев).

**ЗЕРСАБАР** *арх.* Баалуу мүлк, асыл буюмтайым, кооздук жасалга. *Ордодогу мүлкүмдү кара журтка көргөзүп, калкайтып жайып койбосун, Зумурут, көөхөр, зерсабар, лагул, жакут таштар бар, көргөзүп тулга койбосун* («Манас»).

**ЗЕРЧИ** *сейр.* Сыйкырчы.

**ЗЕФИР** 1. Байыркы гректер батыштан соккон жумшак, жылуу желаргы шамалды ушинтип аташкан. 2. Пахтадан токулган ич кийимдик кездеме. *Зефирден тигилген көйнөк.* 3. Жумшак, көпшөк кылып жасалган таттуунун бир түрү. *Балага зефир алып берди.*

**ЗИГОТА** Эки жыныстык клеткалар же энелик жана аталык кошулгандан кийин жаралган клетка.

**ЗИЙНАТ** *туурасы:* **зыйнат**. *Менден көргөн зийнатын Жазды бекен молдо кыз?* (Эл ырлары).

**ЗИКИР** 1. Думаналардын, молдолордун ж. б. кудайга жалынып-жалбарып, сансыз ирет атын айтып кайталап чамынып күүлөнүүсү. *Таң атканча уктатпай, Тынчымды алды зикириң* (Барпы). *Азаныңбы, алкаңбы, зикириңби, ырыңбы* (Токтогул). *Зикир чалып, күрсүлдөп, Жаясың элге заарыңды* (Токтогул). 2. *өт.* Күүлдөгөн, гүү-гүү этип чыккан үн (мис. көгүчкөндөн). *Анда-санда зикир чалган бабыргандын үнү угулат* (Баялинов).

**ЗИКИРИН КАГУУ** Эсине келтирүү, мизин кайтаруу, акесин таанытуу. *Ошентип, жаңы букараларыңыздын биртике зикирин кагып келебиз, баякеси* (Бейшеналиев).

**ЗИЛ** 1. Кандайдыр бир оорунун, дарттын ж. б. натыйжасында пайда болгон ачуу, саргыч суюктук, шишиктин, жаранын ичине толуп ириндеп тээп кеткен бузулган жаман суюктук. *Кызыл аттын жалына Олжобай кусту сары зил* (Үсөнбаев). *Сараланын бели кетип, шилисин зил алган* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Ачуу, каар, ыза. *Кабагы салына түктүйө караган ажы зил таштады* (Сыдыкбеков). *Жетимдин көөнү болгон кир, Жүрөгүнө толгон зил* (Барпы). *Бизге душман зилинде* («Манас» С.К.).

**ЗИЛ ТАЙГАН** *аңч.* Изге маш, күлүк.

**ЗИЛ ТАШТОО** Каардануу, ачууланууу. *Эл ичинен Кален: «Эртең болуш шайлангaнда аягың асманга чыгат», – деп зил таштап кетти* (Укаев).

**ЗИЛДЕ** 1. Зил басып, күчөп кетүү, кабылдап кетүү (оору жөнүндө). *Курчаган сары шишик денем зилдеп, Кубарып тоо башында күндөп-түндөп* (Бөкөнбаев). *Жараатты чечтирип кайра дагы тазалабаса, зилдеп кетүүсү мүмкүн* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Ачуу капа, каар-ыза толуу, капаланып сабыркоо. *Зилдеди жүрөк чер болуп, Тепкиге, тилге көнө албай* (Бөкөнбаев). *Табалагам, көңүлүм зилдеп зарыккам, Табармын деп үмүт үзбөй издегем* (Султанов).

**ЗИЛДЕТ зилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Мусапыр, муңдуу көңүлдү Каар менен зилдетип* (Токтогул).

**ЗИЛДӨӨ зилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗИЛДҮҮ** 1. Зили бар, зилдеген. *Зилдүү дарт. Зилдүү жара.* 2. *өт.* Каардуу, заардуу, ачуулуу. *Зарлык да жаны күйгөн бойдон бир топ зилдүү сөздөр айтып жиберди* (Элебаев).

**ЗИЛЗАЛА** 1. Жер титирөө. 2. *өт.* Алаамат, мүшкүл күн, кыйынчылык. *Жерге түшүп зилзала* («Манас» С.О.).

**ЗИЛИ** Негизи, түбү, акыры. *Зили бузук залимге Кай закон менен жактыңыз* (Токтогул).

**ЗИЛИНДЕ** Акыры, түбүндө, акырында. *Кайнатаңыз бул Көкдөө Сизге душман зилинде* («Эр Төштүк»).

**ЗИНА** Бузуктук, адамдык касиеттен кеткендик, никесиз бузуктук. *Энесине эр болгон кишини көргөнсүңбү? Баласына зина кылдырган энени укkансыңбы? Мындай укмушту кулак уга элек, көз көрө элек (Токомбаев).*

**ЗИР** 1. Бир нерсенин асты, түп жагы. 2. Араб алфавитинде үндүү тыбыштын тамгасы жок. Ошондуктан, үнсүз тамганын астына, төмөн жагына сызыкча коюу аркылуу «и» тыбышын билдирген.

**ЗИРБА** *диал.* Майга кыурулган пияз, сабиз жана эт. Андан кийин күрүчүн салып палоо кылат. *Зирбаны жакшы дак болгон майга кууруу да палоо жасоонун негизги ыкмаларынан.*

**ЗИРЕ** 1. Анча бийик эмес өскөн жыттуу өсүмдүк. *Огородунда жер жемиштеринен башка зире да бар экен.* 2. Ушул өсүмдүктүн жакшы жыты бар даны (жакшы жыттансын үчүн көбүнчө нанга кошулат). *Бир тарелка мелт-калт болгон коюу каймакты коюп, зире кошулган жампа нандын ар бирин төрткө бөлдү* (Абдумомунов).

**ЗИРЕК** Зээндүү, түшүнүктүү, сезимтал, тез үйрөнүүгө жөндөмдүү. *Өспүрүм балдар ар нерсеге дилгир, зирек келет* («Ала-Тоо»).

**ЗИРИЛДЕ** 1. Калтырап-титиреп үшүгөн абалда калч-калч этип майда калтыроо, зиркилдөө. *Токтобой мууну зирилдеп, Көкүрөгү кирилдеп* («Эр Төштүк»). *– Ай, Акмак! деп Адылдын Ачуусу келди зирилдеп* («Мендирман»). 3. Диркиреп ачылгандай же дирдир эте закымданып жел жүргөндөй абалда болуу. *Кан зирилдеп Тоо ташына тилдирип* (Бөкөнбаев). *Муздак жели зирилдеп Таң сар-*

*гарып атты эле* («Сейтек»). 3. Абдан катуу коркуу, коркуп заарkануу. *Кедейди таппай кырк жигит, Кейишин тартып зирилдейт* (Токтогул).

**ЗИРИЛДЕТ зирилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗИРИЛДӨӨ зирилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗИРК** *диал.* Бөрү карагаттын жыгачы, сары жыгач.

**ЗИРКИЛДЕ** 1. Кыртышы сүйбөй ачуулланган, какмалаган абалда болуу, кагына-силкине туталанып туруу, каардануу. *Сен мынча эмне зиркилдеп калгансың? – деди Шарипа Айшага* («Ала-Too»). *Бугимов дагы зиркилдеди* (Сасыкбаев). 2. Калч-калч этүү, зирилдөө, зиркирөө.

**ЗИРКИЛДЕТ зиркилде** этишинин аркылуу мамилеси. *Малды, жанды зиркилдеткен кары кыш* (Сыдыкбеков).

**ЗИРКИЛДӨӨ зиркилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗИРКИРЕ** 1. Зирилдеп майда калтыроо, калчылдоо. *Суукта балдар зиркиреди.* 2. Дир-дир этип, зирилдеп агылган абалда болуу. *Мурдунан кан зиркирейт.* 3. *өт.* Абдан катуу коркуу, коркуп заарkануу.

**ЗИРКИРЕТ зиркире** этишинин аркылуу мамилеси. *Жолборстун күчү бардыгына жетет, Ал аркыраса, айбандарды зиркиретет* (Шүкүрбеков).

**ЗИРКИРӨӨ зиркире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗИТ** 1. Жоо, душман. 2. Душманчылык, кооптуу иш. *Ата зитиңди Ашыкпастан тыңдап ал* («Манас» С.О.). *Абийири жок жигиттер агасы менен зит болот* (Токтогул).

**ЗИТТЕТҮҮ** Душмандык кылуу, кордук көрсөтүү. *Эки-экиден кошоктоп Эстен кеткис зиттетип* («Эл адабияты»).

**ЗИЯДА** Көп, ашык, бир топ. *Зыяда болсоң кулак сал, Зарымды угуп, гүлүмдү ал* (Барпы).

**ЗИЯНКЕЧ** *туурасы:* **зыянкеч.** *Бул зыянкеч чунакты, Балам деген, оңбойт го* (Токтогул).

**ЗИЯПАТ** *туурасы:* **зыяпат.**

**ЗИЯРАТ** *туурасы:* **зыярат.**

**ЗНАЧОК** Кандайдыр бир уюмдун мүчөсү экендигин, сиңирген эмгегин белгилөө үчүн же кандайдыр бир окуяга, даңктуу датага байланыштуу ж. б. максаттуу чыгарылган, атайын сүрөттөрү, коздоолору бар, көбүнчө жука металлдан жасалган көкүрөккө тагылуучу төш белги. *Комсомолдук значок. Эл агартуу отличнигинин значогу. ГТО значогу.*

**ЗОБОЛ** 1. Жоголуу, житүү, төмөндөө. 2. Күн батар алды, күүгүм. *Зобол убакта уктоого болбойт.*

**ЗОБОЛО** Урмат-сыйга, кадыр-баркка, абийир-атак, сыймыкка ээ болуу, даражасы көтөрүлүү. *Эл четинде, жоо бетинде азаматтардын зоболосу көтөрүлгөн эле* (Сасыкбаев). *Булар чоң билимдүү болушса экөөбүздүн эле зоболобуз көтөрүлөт* (Бейшеналиев). *Өмүрлүү бол, зоболоң көтөрүлсүн, – деген батасына тоюнду* (Ашымбаев). *Өмүрлүк жарыңдын зоболосу көтөрүлсө, сенин төбөң көккө жетпейби* (Бердикеев). *Окууну, кийин аспирантураны аяктап, илимдин кандидаты болуп, зоболоң көтөрүлө баштады* (Медетов). **В.: Зоболосу көкөлөө.** *Соронбай төрт дубан эл жыйылган зор топтон зоболосу көкөлөй кадыр-барк таап кайтты* (Бейшеналиев). *Кыш чилдеде кылган бир азаматтыгынан кийин анын зоболосу тим эле асмандап көкөлөдү* (Жигитов).

**ЗОБОЛОГО СЫЙЫНУУ** Бир жетекчи саясий ишмерди көтөрө чалып даңазалоо.

**ЗОБУН** Кордук, ыза, запкы, кыйынчылык. *Зобун көрүү. Зобун көрсөтүү.*

**ЗОДИАК** *астр.* Он эки бөлөк топ жылдызды ичине алган, планеталар бойлоп жүрүүчү кырчоо.

**ЗОДИАК ТОП ЖЫЛДЫЗДАРЫ** *астр.* Зодиак алкагында жайгашкан 12 топ жылдызы: Балык, Кой, Букачар, Эгиздер, Суу чаян, Арстан, Бийкеч, Тараза, Чаян, Жаачы, Текечер, Суу куйгуч.

**ЗОДЧИЙ** Куруучу, архитектор.

**ЗОДЧИЙЛИК** *сүр.* Түзүү, куруу, имарат салуу, куруучулук көркөм искусствосу.

**ЗОЛДОЙ** *туурасы:* **солдой.**

**ЗОЛКОЙ** Бийик болуу, өтө чоң, алибеттүү көрүнүштө болуу. *Ак боз ат минип болкоюп, Сом балкадай золкоюп* (фольк.).

**ЗОМБУ** Зордукчу, кара күчкө салуучу. Ал Чоюн алп зомбунун, кызматында калыптыр (Урмамбетов).

**ЗОМБУЛУК** Күчүн, бийлигин, үстөмдүгүн пайдалануу менен ашкере кысым көрсөтүүчүлүк, зордук, күчкө салуучулук. *Кыргыздын досу болчу Антон деген Сүйлөгөн зомбулуктун айбын ачып* (Токомбаев). *Мындай зомбулуктун далайын аткарып машыккан жигиттер Казакты керегеге тырыштыра таңышты* (Сыдыкбеков).

**ЗОМБУЧУЛУК** *сүйл.* Зомбулук.

**ЗОНА** Кандайдыр бир мүнөздүү белгилери бирдей болгон жер шарынын тилкеси, белгилүү бир мейкиндик, район.

**ЗОНАЛЫК зона** дегенге таандык.

**ЗОНД** 1. *мед.* Кишинин ичин тазалоо жана текшерүү үчүн колдонула турган түтүкчө аспап. 2. Метеорологиялык байкоолор үчүн колдонула турган кичинекей аэростат. 3. *тех.* Жердин кыртышын текшерүү үчүн колдонулуучу бурoo.

**ЗОНТИК, ЗОНТ** Кол чатыр.

**ЗОҢК-ЗОҢК** Угумсуз, өткөрө катуу чыккан үндү билдирүүдө колдонулат. *Зоңк-зоңк этип ырдап коёт.*

**ЗОҢКОГОЙ** Заңкайган. *Зоңкогой жигит.*

**ЗОҢКОЙ** Бою узун жана москоолунан ке-

лип, чоӊ, алибеттүү болуп көрүнүү. *Ала ас-кадай зоӊкойгон, Бел экенсиӊ Карагул* («Сейтек»).

**ЗОӉКОК** Бийик тоо. *Алыстан зоӊкок тоону өтүп* («Семетей» С.К.).

**ЗОӉКОНДО** Эби-сыны жок олдоксон кол-жондоп кыймылдоо (заӊкайган кебетедеги адамга карата).

**ЗОӉКУЛДА** Зоӊк-зоӊк эткен катуу үн чыгаруу. *Кимдир бирөөнүн зоӊкулдап кыйкырган үнү чыкты* (Байтемиров). *Алардын ичинен бирөө зоӊкулдап Андрейди чакырды* (Байтемиров).

**ЗОӉКУЛДАТ** **зоӊкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗОО** Бети тик бийик аска, жалама аска, зоока. *Күӊгөй-тескей бет маӊдай, Көк тиреген зоолору* (Жетикашкаева). *Шагылы болбой зоо болбойт, шайыры болбой эл болбойт* (макал).

**ЗООВЕТЕРИНАРДЫК** Айыл чарба малдарын өстүрүү, тоюттандыруу, багуу, аларды туура пайдаланууга жана дарылоо жактарына багытталган, ушундай иштерди жүргүзүүгө негизделген. *Зооветеринардык пункт. Зоовтеринардык институт.*

**ЗООГЕОГРАФ** Зоогеография боюнча адис.

**ЗООГЕОГРАФИЯ** Жер шарында жаныбарлардын таралышы, бөлүнүшү, жайгашуусу жөнүндөгү илим.

**ЗООГЕОГРАФИЯЛЫК** **зоогеография** дегенге таандык.

**ЗООК** Көӊүл ачуу үчүн уюштурулган ар кандай оюн-тамаша, оюн-күлкүлүү кече, же көӊүл алаксыткан эрмек. *Энем ошол замат кошуналарын чакырып келди да зоок кура баштады* («Кыргызстан аялдары»). *Кыш күндөрүндө кыштак калкы зоок үчүн да бара берет эмеспи* (Убукеев),

**ЗООКА** **зоо** менен бирдей. *Экөө айылдын үстү жагындагы зооканын жанынан жолугушмай болушкан* (Каимов).

**ЗООКАЛУУ** Зоокасы бар, зоосу бар. *Бир кезде тереӊ зоокалуу капчыгайда болушту* (Токомбаев).

**ЗООКАЧА** Кичирээк зоока, зоокага окшош, зоока сыяктанган жер. *Чабалекей канаттарын күүлөшүп зоокачалардын бетинде кайып учушат* (Баялинов).

**ЗООЛОГ** Зоология боюнча адис.

**ЗООЛОГИЯ** Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндөгү илим. *Зоология сабагы Зоология китеби.*

**ЗООЛОГИЯЛЫК** **зоология** дегенге таандык. *Зоологиялык кабинет. Зоологиялык музей.*

**ЗООЛУ** Адамдын колу-бутуна салынуучу кишен. *Колдо зоолу чынжырчан Шалдырттатып жер казгам* (Токтогул). *Капарсыз жаткан ордону, Коӊурбай басып калганбы?! Семетейдин колуна Темир зоолу салганбы.* («Сейтек»). 2. *өт.* Бирөөгө көз каранды, багынычтуу болуу же таасиринен чыга албай калуу. *Моюнга түштү зоолусу* («Манас» С.О.).

**ЗООЛУУ** Зоосу бар, аскалуу, зоокалуу. *Коргулдун үстү жалама зоолуу аскага айланган* (Жантөшев).

**ЗООМАССА** Ар кандай экол. системалардагы кездешкен бардык жаныбарлардын же алардын топторунун суммалык массасы.

**ЗООМОРФИЗМ** Кудайларды, колдоочуларды жаныбарлардын элесинде элестетүү, кабылдоо.

**ЗООНОЗ** Кишиге да, малга да бирдей жугуучу тумоо, ылаӊ.

**ЗООПАРК** Ар түрдүү жаныбарларды кармап, багып, аны элге көрсөтүп туруучу жай, зоологиялык парк.

**ЗООПСИХОЛОГИЗМ** Буюмдарды жана предметтерди жаныбарлардын ой-жүгүртүүсүү, көз карашы менен кармоо.

**ЗООР** 1. Таӊ атууга жакындап калган мезгил, таӊга маал убак. *Бөрүбай районго зоордон жүрүп кеткен* (Сыдыкбеков). *Зоордо ойгонушкан Батийна менен Сайра ошол бойдон укташкан жок* (Сыдыкбеков). 2. Орозо мезгилинде таӊга маал ичилүүчү тамак. *Сопу элди зоорго ойгото баштады* (Жантөшев).

**ЗООТ I** *туурасы:* **соот.** Найза, кылыч, ок ж.б. жоо куралдарынан сактануу үчүн кийилген жоо кийимдеринин бир түрү. Көпчүлүк учурда кыймыл-аракетке тоскоолдук кылбас үчүн майда тор – болот шакекчелерден чиркештирилип куралган көйнөк. *Зоот менен кыягы, Кийген тону көк темир* («Манас» С.О.).

**ЗООТ II** *сүйл.* Завод. *Кант зооттордун түтүнү Көккө чыгат созулуп* (Осмонкул).

**ЗООТ МАЛ** Атайын мал өстүрүүчү заводдо чыгарылган мал. *Зоот айгыр. Зоот уй. Колхоздордон көрөмүн Кара ала зоот уйларды* (Осмонкул). *Жашаӊдуу чөптөн чайнаган Айгыры зоот жулкунган* (Осмонкул).

**ЗООТЕХНИК** Зоотехника боюнча адис.

**ЗООТЕХНИКА** Малды багып өстүрүү, тоюттандыруу жана туура пайдалануу жөнүндөгү илим.

**ЗООТЕХНИКАЛЫК** **зоотехника** дегенге таандык. *Зоотехникалык эрежелерди туура пайдалануу.*

**ЗООТЕХНИЯ** **зоотехника** менен бирдей.

**ЗООТОМИЯ** Жаныбарлардын ички түзүлүшү жөнүндөгү илим.

**ЗООФАГДАР** Башка жаныбарлар менен азыктанган жаныбарлар.

**ЗООФИЛИЯ** Айбандарды жакшы көрүү.

**ЗООЦЕНОЗ** Белгилүү шартта бирге жашаган жаныбарлар жыйындысы; биоценоздун курам бөлүгү.

**ЗОР** 1. Көлөмү, көрүнүшү, тулку-бою ж. б. жагынан чоӊ, олбурлуу, алибеттүү, көлөмдүү. *Чоӊ Торуга мингенге Чаргын ого бетер зор, ого бетер шаӊдуу* (Сыдыкбеков). *Алымкул, Нурмат зор кара жыгачтын түбүндө поезд күтүп турушат* (Абдука-

римов). *Бир чокмору бир тоодой Балбандан канча зору бар* («Эр Төштүк»). 2. Айырмасы, өзгөчөлүгү жагынан жогору, мыкты, башкалардан айырмалуу. *Бир уядан учкандай, Бирдиги зор биздин күч* (Барпы). *Күндө чыгып байге алган Балам, күлүктүгү зор экен* (Токтогул). 3. Аймагы кең, чоң. *Күчөй берсин, Улам биздин зор мекен* (Үмөталиев). *Гүлдөп өскөн зор мекеним жайнаган Ырчы булбул, үн алышып сайраган* (Токомбаев). *Менин доорум – адилеттин, жаңы ойго, зор байгени баштап бара жаткандар* (Мамытов). 4. Кандайдыр бир нерсе жагынан жетиштүү, мол, көп. *Зор иштерге түтпөй жалаң жүрөгүң, солк-солк этип согуп турсун бүт денең* (Осмонкулова). *Табигый зор байлыктар. 5. өт.* Кызмат абалы, даражасы жагынан жогору турган, мансаптагы адам, чоң, улук, жалпы эле текшерүү, бийлик жүргүзүү, башкаруу сыяктуу иштер менен катнашы болгон адамдарга карата колдонулат. *Кеңешке эчен мал келсин Көп чечүүчү зор келсин* («Эр Табылды»). *Алым жетпейт кантемин, Айдаткан залим зорлорду* (Токтогул). *Калың элге жакпаса, Абийир таап, зор болбойт* (Барпы).

**ЗОРГО** Араң, эптеп-септеп, кыйналып-кысталып, араң-араң. *Эркин зорго дегенде Каныбектин карышкан кучагынан бошонду* (Жантөшев).

**ЗОРДО** Өз эркине, өз каалоосуна койбостон күчкө салуу, күч колдонуу, аргасыз кылуу, кыстоого алуу. *Кыз-келиндер колдон алып колтукташып, мени зордоп алып жөнөштү* (Жантөшев). *Дилдени ант урган Мыкты зордоп үйүнө киргизип алыптыр* (Касымбеков). *Көрбөсө койсун, зордоп эмне кыласың* (Байтемиров).

**ЗОРДОО зордо** этишинин кыймыл атоочу. – *Кантейин, зордоого акым жок,– деди Касым* (Бейшеналиев).

**ЗОРДУК I** 1. Зомбулук, күч колдонуу аракети, биреөнүн өз эркине, каалоосуна койбой тартып алуу, аргасыз кылуу сыяктуу кысым көрсөтүүчүлүк. *Көз көрүнөө залимдер Көрсөттү кыйла зордукту* (Тоголок Молдо). *Зордукка мынча чыдадык, Дагы кайрат кылалык* (Турусбеков). *Мусабек – илгери атаэнесинин зордугу менен он беш күнчө орозо кармаган* (Сасыкбаев). 2. Күчкө салып басмырлоочулук.

**ЗОРДУК II** Чондук, алибеттүүлүк, көлөмдүүлүк, олбурлуулук. *Асылкандын далысы, бою, денесинин зордугу Базарбай менен барабар* (Элебаев). *Карадөө жайы ушундай Зордугу тоонун теңиндей* («Эр-Төштүк»).

**ЗОРДУКСУЗ** Зордугу жок, зомбулугу жок. *Зордуксуз, падышасыз бийлик курмак, Элдердин эрки менен жаралгандай* (Токомбаев).

**ЗОРДУКТОО** 1. Күч колдонуу, зордук-зомбулук көрсөтүү, кысым көрсөтүү, кыстоого алуу, зордоо. *Даңкты сатып алалбайт, зордуктап бербейт* (Токомбаев). *Эрменкандын ашында Байгени алган зордуктап* («Эр Табылды»). 2. Күчкө салып басымчалоо.

**ЗОРДУКЧУ** Зордоп күчкө салуучу, зордоп тартып алуучу, зордук көрсөтүүчү. *Карыя зордукчуну урбай, сокпой, Төртөөнүн буту-колун таңып салды. Зордукчуга тарттырбай, Жергем сени жердеймин* (Үмөталиев).

**ЗОРДУКЧУЛ зордукчу** менен бирдей.

**ЗОРОАСТРИЗМ** Иран элдеринин байыркы дини. Негиз салуучусу пайгамбар Зороастра деп эсептелет. Кээде маздеизм деп да аталат.

**ЗОРУГУУ зорук** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗОРУК** Тез жана тынымсыз чуркоонун, катуу жүрүүнүн, иштөөнүн натыйжасында абдан чарчап кыйналуу, кыймылдай албай калуу. *Зоруккан күлүк тырп этпей жан берди* (Токомбаев). *Эс алып тыным албастан, Эң эле жаман зоруктук* («Эр Табылды»). *Адылды мен таба албай, Кур буудандай зоруккам* (Жантөшев).

**ЗОРУКТУР зорук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗӨӨКҮР** Адептүүлүктү, жалпыга маалим жүрүш-туруш нормаларын бузуп, өзүн ээн баш кармаган, эч негизсиз эле биреөлөрдү сөгүп-тилдөөдөн, уруп-сабоодон да кайра тартпаган дөгүрсүгөн адепсиз адам, зордук, зомбулук көрсөтүүчү чоң муштум. *Жеңеси зөөкүрдү сөз менен жайгарууга аракет кылды* (Убукеев). *Сени тим эле дайнын таппай жүргөн зөөкүр го дечү элем* (Сыдыкбеков).

**ЗӨӨКҮРДҮК зөөкүрлүк** менен бирдей. – *Же зөөкүрдүктүн ишиби,– деп Омор өкүнүп сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

**ЗӨӨКҮРЛӨН** Зөөкүрлүк кылуу.

**ЗӨӨКҮРЛӨНҮҮ зөөкүрлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗӨӨКҮРЛҮК** Зөөкүргө таандык сапаттар, дөгүрсүгөн жүрүш-туруш. *Силердин бул зөөкүрлүк ишиңерди мен көрүп турганым жок* (Абдукаримов).

**ЗӨӨКҮРСҮҮ** Өзүн зөөкүр катарында кармоо, дөгүрсүү. *Зөөкүрсүгөн далайды Сөзү менен тепсеген* (Калык).

**ЗӨӨКҮРЧҮЛҮК зөөкүрлүк** менен бирдей. *Артында калган эки көйрөң баласы зөөкүрчүлүк, кумарпоздук менен жүрүп, эң акырында соксоюп кара баштары гана калды* (Абдукаримов).

**ЗУБАЛА** 1. Бир үзүм камыр, бир жайым камыр. *Оттун табын ары карай жылдырып, анан ага зубала жапшырат* (Мавлянов). 2. *өт.* Табият, мүнөзү окшош. *Сиз экөөбүздүн зубалабызды бир жерден үзгөн экен* (Жусубалиев).

**ЗУБР** Бука кебетеленип кеткен токойдо жашоочу жапайы айбан. *Зубрлар май, июнь айларында түлөшөт* («Жаш ленинчи»).

**ЗУБУН** 1. Уруу. 2. Топ, бөлүк. 3. Аскер бөлүгү. *Зубун – зубун калмактын Суусунан жылкы тийгизди* («Манас» С.О.). *Зубун-зубун сулуу бар* («Манас» С.К.). *Айкырык салып Айжаңжуң, Канча зубун кол менен, А да каптап кетти эми* («Манас»).

**ЗУЛЖАЛАЛ** *дин* Кудайдын сыпаты: шандуу, укмуштуу, жаратуучу. *Аргасы кетип жалынып, зулжалалга жалынып* (Эл ырлары). *Медет бир мен кардыпкер, зул жалалым* («Эл адабияты»).

**ЗУЛМАТ** 1. Караңгы. 2. *өт.* Окубаган, илимден кабары жок.

**ЗУЛПУ** Каалганын кулпу бекитүүчү чынжыр-тээги. *Ломдун учун кулптун илмегине салып туруп, эки жолу толгогонумда эле кулп зулпу менен кошо суурулуп кетти* (Мавлянов).

**ЗУЛПУКОР** 1. Эпостордо: шилтегенин бөлө чаап түшүүчү өтө курч кылыч. *Кара болот зулпукор Билекке кынай чалыптыр* («Манас»). *Куйук Теңир Кут белине ташты чапса тең бөлгөн зулпукор байлап, кадимкидей жумрай журтун башкара баштады* (Субанбеков). 2. *өт.* Өтө кайраттуу, белдүү башкаруучу. *Жазында эле дин исламдын зулпукору деп Амир Насрулланы кучак жайып тосуп алган казый* (Касымбеков).

**ЗУЛУМ** Жапа чектирип, зордук-зомбулук көрсөтүүчү таш боор, ырайымсыз катаал, залим. *Зулум падыша, бай-манаптын доорунда Элди, жерди кара туман каптаган* (Жетикашкаева). *Чогултуп баарын жедирдиң Чоюбек деген зулумга* (Тоголок Молдо). *Кедей тартат зыркырап, Зулумдардын чыгымын* (Токтогул). *Убалдан корпой кан төккөн, Зулум чоро дагы бар* («Манас» С.К.).

**ЗУЛУМДУК** Зулумга таандык сапаттар, кылык-жоруктар, залимдик. *Асан карыянын аңгемесин уккандар, Рыскулбектин зулумдугуна таң калышты* (Токомбаев).

**ЗУЛУМЧУЛУК** **зулумдук** менен бирдей.

**ЗУЛУН** Жигит.

**ЗУМБАЛ** *диал.* Жүндөн согулган чоң узун кап. *Чоочун келин чындап ачуусу келет да зумбалды жулкуп алып, жарып жиберет* («Чалкан»).

**ЗУМУРУК** *туурасы:* зымырык.

**ЗУМУРУТ** (зумурат) Тунук, күңүрт жашыл түстөгү баалуу асыл таш, изумруд. *Үстүн көрсөң зумурат* («Манас» С.О.). *Алган ташы зумурут, Асыл болуп калыптыр* («Манас» С.О.). *Инжу, маржан, зумурут* («Манас» С.О.). *Тоонун баары гүл, таштын баары зумурут көрүнөт* (Даникеев).

**ЗУҢКУЙ** Бийик, эби-сыны жок узун болуп көрүнүү. *Эки ат чегилген эки дөңгөлөктүү арабага зуңкуйган бирден челекти орнотуп таштаган* (Каралаев).

**ЗУУ** Өтө тездик менен зымырап жүргөндөгү, жеңил гана зымылдай учкандагы ж.б. зуулдаган дабышты же ошондой учурдагы тездикти билдирүүдө колдонулат. *Эртеси даңгыраган чоң кара жол, Автобус зуу-зуу учат, тынбай оң-сол* (Осмонов). *Орусбек жыйнап алган тобурчактарды зуу-зуу ыргытып бүтүрдү* (Сыдыкбеков).

**ЗУУ КОЮУ** Бат эле жок болуу, тез эле көрүнбөй калуу. *Заматта эле эки көздүн зуу койгонуна айран-таң* (Ашымбаев).

**ЗУУ ЭТҮҮ** Зыпылдоо, тез жүрүү, бат кыймылдоо. *Бирок ошол замат зуу этип удаа жеткен Орузбек Аскардын эки ийнинен тең таянып, башынан алыс секирди* (Сыдыкбеков).

**ЗУУЛА** **зуулда** менен бирдей. *Күпүлдөп күчтүү паровоз Жел менен зуулап жарышкан* (Турусбеков). *Ай батат, жылдар өтөт, Зуулап бат-бат* (Осмонов).

**ЗУУЛДА** 1. Зуу-зуу эткен дабыш, үн чыгаруу. *Зуулдап, күңгүрөнүп аскалары, Сүрдүү тоо асман менен тең тайлашат* (Шүкүрбеков). 2. Тез, ылдам жүрүү, зымыроо. *Зуулдап машинада кара жолдо Караймын көзүм тойбой оңго-солго* (Шүкүрбеков). *Санаасыз ойсуз бир кезде Балалык өттү зуулдап* (Элебаев).

**ЗУУЛДАТ** **зуулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗУУЛДОО** **зуулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗУУРА** 1. Чолпон. 2. Энчилүү ат.

**ЗЫБА** 1. Сулуу, көркөм, сыпаа. 2. Сүйкүмдүү, ажарлуу. *Зыбалыгың мен айтам, Шаарлыктын зырапа, Молдосундай Ноодайым* (Эл ырлары).

**ЗЫГЫР** 1. Данынан май, сабагынан була алынуучу өсүмдүк. *Кендир өсөт укуруктай керилип, Зыгыр өсөт катарлаша теминип* (Токомбаев). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Жыкжык толгон кампасы, Жүгөрү, буудай, арпасы, Таруу, конок, зыгыр бар* (Үсөнбаев).

**ЗЫГЫР ЧЫЧЫРУУ** Абдан коркутуу, үрөйүн учуруу, кысымга алып, айласын кетирүү. *Каарданган бай биз эмес, бүт айылын зыгыр чычырат* («Ала-Too»).

**ЗЫГЫРДАН** *сейр.* Ачуусу келүү, кыжыры кайноо.

**ЗЫГЫРЫ КАЙНОО** Абдан ачуулануу, кыжырдануу, каардануу, жини келүү. *Качантан бери мунун зыгыры кайнап жүрөт?* (Укаев).

**ЗЫГЫРЫН КАЙНАТУУ** Жинине тийүү, ачуусун келтирүү, каарына калуу. *Кедей айылынын жигиттерине ушундайча зордук көрсөтүп, зыгырын кайнатып отурду* (Укаев).

**ЗЫЙ** 1. *диал.* Ичегиден жасалган комуз кылы. 2. Ичеги (түпкү мааниси).

**ЗЫЙАДА** Көп, ашык, мол. *Бирок ойгонсо мурункудан зыйада күчкө толду* («Эл адабияты»).

**ЗЫЙНАТ** 1. Шаанилүү көрк, жасалга, асемдүүлүк. *Асман, жердин зыйнаты, Ка-*

*нык нуру не болот?* (Тоголок Молдо). 2. Кастарлап кадырлоо, урматы, кызматына туруп, жардамдашып, сый-сыпат көрсөтүүчүлүк (көбүнчө өлгөн адамга карата). *Кайран атаң көк жалдын Зыйнатына турбадык* («Сейтек»). *Тогуз келин, тогуз уул, Токтотпой чачып малымды Зыйнатыма турсун де* («Эр Төштүк»).

**ЗЫЙНАТ АТ** 1. Куран түшүргөн молдого өлгөн адамдын минип жүргөн атын ээр-токуму, бүт жасалгасы менен берилиши. *Зыйнат атын токутуп, Жаназасын окуттум* («Манас»). 2. Өлгөн адамдын ашына союлуучу мал (жылкы).

**ЗЫЙНАТТА** I. Асемдеп көрктөө, жасалгалоо, көркүнө чыгаруу. *Зыйнаттап жасоо. Зыйнаттап кылуу.* 2. Ардактап урматтоо, кастарлап сый-сыпат көрсөтүү. *Зыйнаттап коноктоо.* \\ *Зым керебет ак шей- шеп, Асты-үстүңө жайланып, Ак мамыгы, кош жастык, Ардактады зыйнаттап* (Тоголок Молдо).

**ЗЫКЫЙ** Абдан тыкан, жыйынтыктуу болуу, чыкыюу, зыңкыюу. *Зыкыйган жигит. Зыкыйган солдат.*

**ЗЫКЫЙТ зыкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫКЫМ** Колунан эч нерсе чыкпаган катуу баш, саран, битир. *Атаң чириген бай болсо дагы куучуюп зыкым болучу* (Байтемиров). *Жердей март да нерсе жок, жердей зыкым да нерсе жок* (Байтемиров). *Сапар зыкымды бекер ээрчиткен экенбиз* (Бейшеналиев).

**ЗЫКЫМДАН** Колунан эч нерсе чыгарбоо, катуулук, битирлик кылуу, саранданууу.

**ЗЫКЫМДАНУУ зыкымдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫКЫМДЫК** Сарандык, битирлик, колунан эч нерсе чыгарбагандык, катуулук. *Зыкымдыгың бир кыйла бар* (Абдукаримов). *Кампаларынын оозун бекемирээк жабышып, байлар эгинди өтө зыкымдык менен жумшай башташты* (Абдукаримов).

**ЗЫКЫЮУ зыкый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫЛ I** *диал.* Былк этпес, козголбос опол.

**ЗЫЛ II** *диал.* Чылк, чымкый. *Зыл кара козу экен.*

**ЗЫЛДЫН КАРА ТАШЫ** Абдан оор, киши көтөрө алгыс. *Муну ким көтөрөт, зылдын кара ташы тура* («Чалкан»). **В.: Зындын кара ташы.** *Буга менин алым келер эмес, зындын эле кара ташы.*

**ЗЫМ** Электр тогун өткөрүү, бир нерсени ороо, тануу, байлаштыруу сыяктуу ар кандай керектөөлөргө ылайыкталган, айрым музыкалык инструменттерге колдонула турган жип сымал ичке жумуру металл. *Комузума темир зым Таккандагы кербезим* (Токтогул). *Же кагазды зымга байлап жиберсе, Жалбырактай учат бекен жел менен?* (Токомбаев).

**ЗЫМ КАРАГАЙ** Электр, радио, телефон зымдары тартылган устун, багана. *Зым карагайлар ырдагандай зыңылдайт* (Сасыкбаев).

**ЗЫМ ТАРТКЫЧ** Күмүш жана жез сыяктуу ийилгич заттардан жоондугу ар кандай зымдарды жасоого ылайыкташкан зергерчилик куралы.

**ЗЫМ ТАРТКЫЧ** Күмүш жана жез сыяктуу ийилгич заттардан жоондугу ар кандай зымдарды жасоого ылайыкташкан зергерчилик куралы.

**ЗЫМАН КЫЛУУ** Талкалоо, кыйратуу. *Бет алышкан душманды Зыман кылган Эр Кошой* («Манас»).

**ЗЫМГА ТАРТКАНДАЙ** *же* **зымга тарткан күмүштөй** Ичке да, түз да келип жарашыктуу, сымбаттуу.

**ЗЫМПЫЙ** Зымылдаган, тыкан тартипке келтирилген, иреттүү көрүнүштө, кебетеде болуу, зыңкыйган, зыңгыраган абалда болуу. *Сыр бербестен зымпыйып, Адептүү болгун баарыңар* («Манас»).

**ЗЫМПЫЙТ зымпый** этишинин аркылуу мамилеси. *Балдар өз төшөктөрүн зымпыйтып жыйнап кетишет.*

**ЗЫМПЫЮУ зымпый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫМЧЫ** Жер өлчөөчү, зым менен жер өлчөгөн адис.

**ЗЫМЫЛДА** 1. Зыпылда, зымыраган катуу жүрүштө болуу. *Канаттарын алтын күнгө сылатып, Көгүчкөндөр айланышат зымылдап* (Токомбаев). 2. Таза, зымпыйган иреттүү көрүнүштө, жымылдаган тегиз абалда болуу. *Түгөл зымылдаган жерди тактак тээп бийлеп кирди* (Бейшеналиев).

**ЗЫМЫЛДАТ зымылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Айша идиш-аягын зымылдата жууп, орду-ордуна койду.*

**ЗЫМЫЛДОО зымылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫМЫН** 1. Жер, жер бети. *Бет алышкан душманды, Зымын кылган эр Кошой* («Манас»). 2. Түбөлүк мөңгү алдында жаткан бийик тоо.

**ЗЫМЫРА** Өтө тез жүрүү, ылдам учуу, тездик менен өтүү, зыпылдоо. *Ашым боз атты ноктолоп алып, Мамбеткулдун артынан зымырады* (Каимов). *Көп күндөр бат эле зымырап өтүп кетти* (Сасыкбаев). *Туйлап турган жээрде кашка салмоордун ташындай зымырады* («Ала-Тоо»).

**ЗЫМЫРАЙ** Эч нерсе билбеген, эч нерсе туйбаган сыяктуу абалда болуу, зымпыйып билмексен болуу. *Айтылган сөзүң айтылган жерде калсын, Сыр билгизбей зымырайып кал* (Байтемиров).

**ЗЫМЫРАТ зымыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫМЫРОО зымыра** этишинин кыймыл атоочу. *Жол артка чегинип, машина зымыроодо* (Сыдыкбеков).

**ЗЫМЫРЫК** Жомоктордо айтылуучу касиеттүү куш. *Бооруна катып кымырып, Бир жылдык жолду бир күнү учкан экен зымырык* («Манас»). *Же кууракан карып мен Бакай Зымырык этин жедимби* («Сейтек»).

**ЗЫМЫРЫЛ зымыра** этишинин өздүк мамилеси. *Тоо эчкилер дароо жыт алат да, көзгө илээшпей зымырылат* (Таштемиров).

**ЗЫНАА зина** менен бирдей.

**ЗЫНААРЛА** Какшап айтуу, андай кыла көрбө деп айтуу. *Ата баласы болгуңар келсе, бирөөдөн жардам сурап жалдырабагыла. Андан көрө эркек кишинин өлгөнү абзел. Башкалар силерден жардам алсын,– деп өлүп баратып да зынаарлаган* (Мавлянов).

**ЗЫНДАН** Күнөөкөрлөрдү салыш үчүн атайы казылып, түбү бекемделген, оозу бекитилген терең ор, түрмө. *Кырк кулач темир зындандан.* («Манас» С.О.). *Кырк аркан бою зынданга, Тирүүлөй аны салыптыр* («Манас). *Зым-пымы менен туткунду, Зынданга тирүү таштатты* («Эл адабияты»).

**ЗЫНЖЫР** *туурасы:* **чынжыр.**

**ЗЫҢ** Кере тартылган кылды, зымды ж.б. кагып жиберүүдөн улам чыккандагыдай дабышты билдирүүдө же баштын сыздапзыркырап, сайгылаша кеңгиреп ооругандыгын билдирүүдө колдонулат.

**ЗЫҢГЫР ТОО** Жалама бийик тоо бети.

**ЗЫҢГЫР** Зың-зың эткен дабышты билдирүүдө колдонулат.

**ЗЫҢГЫРА** 1. Сыр бербей сыпаа, токтоо болуу, оор басырыктуу, салмактуу жүрүү, зыңкыйган, керилген абалда болуу. *Сырга Аскардын антип карашын сезмексен болуп, зыңгырап токтоо басты* (Сыдыкбеков). *Кылыч белде кыңгырап, Бастырып чыкты зыңгырап* («Семетей»). ‖ Бийик, керилген, менменсинген көрүнүштө болуу. *Байыртан бери зыңгыраган жоон карагай жел жортсо жай теңселип шуулдап турат* (Сыдыкбеков). *Кызыл таш зыңгырап бекем турат* (Сыдыкбеков). 2. Зың-зың эткен, зыңгыр эткен же зыңылдаган ачык дабыш чыгуу. *Сермелип тынбай бешилик, Зыңгырап жатат чертилип* (Бөкөнбаев). *Ыр көркүнө чыгууга зыңгыраган үн керек* (Тоголок Молдо). 3. Зың-зың этип, баш кеңгиреп, сайгылаша ооруду. *Эртеси башы зыңгырап булчуңу да эс албай шахтерлор шахтыга кайра түшүп кетчү* (Сасыкбаев).

**ЗЫҢГЫРАТ зыңгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫҢГЫРОО зыңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫҢК** Зыңк-зыңк эте ичке чыккан туюк добушту же баштын сайгылаша зыңгырай түшкөнүн билдирүүдө колдонулат.

**ЗЫҢКЫГЫЙ** Зыңкыйган. *Бою зыңкыгый.*

**ЗЫҢКЫЙ** 1. Катып калуу, тоңуп калуу. *Чабыр мал дир-дир этип оттой албай, Зыңкыйып турган жерде тоңуп жатты* (Токомбаев). *Барса, жолборс жатыптыр, Зыңкыйып муздап катыптыр* («Манас»). 2. Зыңгыраган, какайган көрүнүштө болуу, түптүз кыймылсыз абалда болуу. *Зыңкыйган бир солдат келди. Сакчы өз жанынан чочугандай кыңк дебей зыңкыйып турат* (Бектенов). *Табылды турат зыңкыйып* («Эр Табылды»).

**ЗЫҢКЫЙТ зыңкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫҢКЫЛДА** Анча катуу эмес зыңгыраган добуш, үн чыгуу. *Динар зыңкылдап ырдап коюп, кээде өз алдынча сүйлөйт* (Сыдыкбеков).

**ЗЫҢКЫЛДАТ зыңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫҢКЫЛДОО зыңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫҢКЫЮУ зыңкый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫҢЫЛДА** 1. Зың-зың эткен дабыш, үн чыгуу, зыңкылдоо. *Ырдагым келди зыңылдап* (Осмонкул). ‖ Ызылдагандай ичке үн, дабыш чыгуу. *Камыш өлөң ичинде Чиркейлер жүрөт зыңылдап* («Мендирман»). 2. Зыңкылдап, кеңгиреп ооруу (баштын оорушу жөнүндө). *Кез-кез гана азыраак, Башың коёт зыңылдап* (Шүкүрбеков).

**ЗЫҢЫЛДАТ зыңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫҢЫЛДОО зыңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫП** Өтө тез, абдан ылдам болгон кыймыл-аракетти, убакыттын зымырап тез өтүшүн ж. б. билдирүүдө колдонулат. *Катуу жүгүргөн Ок жетпес зып этип Аскардын алдына өтө чыкты* (Сыдыкбеков). *Дал төбөгө зып чабылган камчыны тосо калган Батийна катуу булкту* (Сыдыкбеков).

**ЗЫПА** 1.Сулуу, жакшынакай. 2. сылык, көркөм, кооз, тараз. Зыпаа бойлуу, көркөм жүздүү ак келин. Сыпаа сырын жашырбайт.

**ЗЫПЫЛДА** Жеңил, тез кыймыл, катуу чуркоо, ылдам учуу, зымыроо. *Чабалекей, карлыгач, Учуп жүрөт зыпылдап* (Тоголок Молдо). *Теминсе ыргып, зыпылдап Теке жоомарт Телтору ат* («Курманбек»). *Муздак жел зыпылдап, уламдан-улам чыкыроон күчөйт* (Жантөшев).

**ЗЫПЫЛДАТ зыпылда** этишинин аркылуу мамилеси. *Аттарды теминише зыпылдатып бастырып баратышат* (Жантөшев).

**ЗЫПЫЛДОО зыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫР** 1. Катуу айлангандагы, аба жара зырылдай чыккандагы дабышты же кыймыл-аракеттин өтө тездигин билдирүүдө колдонулат. *Станок зыр-зыр жүгүрдү* (Бөкөнбаев). *Автомобиль зыр-зыр этти* (Токомбаев). 2. Зырп эткендей, тыз эткендей дүүлүгө түшкөн сезимди билдирүүдө колдонулат. *Зыр эте түштү жүрөгү Бычак менен ургандай* («Мендирман»).

**ЗЫРААТ** 1. Дыйканчылык, жер айдоочулук. 2. Маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү. *Аккан суу элге жария, Чогулса болгон дарыя. Эл сугарып көгөрткөн, бут зырааты – аккан суу* (Барпы).

**ЗЫРГУУ зыргы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫРГЫ** Октос бере ыргуу, дыр коюу, атырыла тез жүрүү, зыркыроо. *Зыргыды таш түшкөндөй жерди карап* (Үмөталиев). *Айбандан эстүү Кыл күрөң Булуттай учуп зыргыды* («Сейтек»).

**ЗЫРГЫТ зыргы** этишинин аркылуу мамилеси. *Көктелкини чулгутуп, Кирип келди зыргытып* («Семетей»).

**ЗЫРКААР ызгаар** менен бирдей. *Бет багып бул зыркаарга баскан жан жок* (Токомбаев).

**ЗЫРКЫРА 1.** Зыпылдап өтө тез жүрүү, учуу, жүгүрүү, зымыроо. *Жума атына минип, салмоор менен ыргыткан таштай зыркырап жөнөдү* (Жантөшев). *Күчтүү, күлүк ат араба Алга карай зыркырайт* (Токомбаев). 2. Зыр-зыр эткен дабыш чыгаруу, зырзыр этүү, зырылдоо, *Таң алдында муздак жел Өзөн ылдый урганда Камыштын башы зыркырап* («Сейтек»). *Ажалдын кабарын айткансып, асманда октор зыркырайт* (Жантөшев). 3. Сыздап ооруу, зар какшоо, буркурап ыйлоо, катуу кайгырыпкапалануу. *Бир үйдүн мүйүзү сынса, миң үйдүн мүйүзү зыркырайт* (макал). *Сейтек ыйлап турганда Айчүрөк келди зыркырап* («Сейтек»). *Көбү жатты сынып буту зыркырап* (Үмөталиев). 4. Заарлануу, жүрөк заада болуу, батына албоо. *Жабык вагондордун көмүрүн түшүрүү өтө оор болгондуктан кишилер аны түшүрүүдө зыркырап турушат* (Абдукаримов).

**ЗЫРКЫРАТ зыркыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Машинага салып алып үйгө карай зыркыратты* (Токомбаев).

**ЗЫРКЫРОО зыркыра** этишинин кыймыл атоочу. *«Победа» тик чоң көчөгө түшүп, өйдө карай зыркыроодо* (Бектенов).

**ЗЫРП** Тыз эте түшкөндөй, сыздай түшкөндөй сезимдин пайда болушун, чочуп же коркуп кетүү сезиминин боло калышын билдирүүдө колдонулат. *Айгүлдүн ушул минутада жүрөгү зырп эте түштү* (Жантөшев). *Санаган сайын кыргызды Эт жүрөгүм зырп этип* (Токтогул).

**ЗЫРПЫЛДА** 1. Тыз эте түшкөндөй, сыздай түшкөндөй сезим пайда болуу, зырп этип сайгылаша түшкөндөй болуу. *Эки жамбашым, тизелерим, чыканактарым зырпылдайт* («Жаш ленинчи»). 2. Коркуудан, чочулоодон улам заарлануу сезими пайда болуу, зирилдеп чочулаган, батына албай зиркиреген абалда болуу. *Коркуп манап, байынан, Эт жүрөгү зырпылдап* (Жантөшев).

**ЗЫРПЫЛДАТ зырпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫРПЫЛДОО зырпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫРЫЛДА зыркыра** менен бирдей. *Колдо бургу машинасы Зырылдаган жүгүргөн* (Бөкөнбаев).

**ЗЫЯЛЫ** Илим-билимдүү адам. *Төбөттүк зыялуу чалдан сураган тура* (Абакиров).

**ЗЫЯН** Бирөөгө кандайдыр бир нерсеге же ишке келтирилген кесепет, залал, бузулууга чыгымга ж.б. кириптер болгондук, тескери таасир. *Чочубаңыздар, биз мусапыр, эч кимге зыяныбыз жок* (Жантөшев). *Орой киши урушуп, зыян тартат касынан* (Осмонкул). *Куубай карма тойгон койго зыян деп, Койчу турат койду таштай имерип* (Осмонкул).

**ЗЫЯНДА** Зыянга учуроо, зыян тартуу, зыян келүү, кокустукка дуушар болуу.

**ЗЫЯНДАТ зыянда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЗЫЯНДАШ** Элдин ишениминде: адамды ээрчип жүрө турган, дайыма аны оорулуу кылуучу, көзгө көрүнбөгөн ээрчиме жин.

**ЗЫЯНДОО зыянда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫЯНДУУ** Зыяны бар, зыян келтирүүчү, зыянга учуратуучу, жаман таасирлүү. *Менин каталыгым: сенин зыяндуу кылыктарыңы көрүп мурунтан тыюу сала албагандыгым* (Жантөшев). *Зыяндуу чөптөр жулунсун* (Үмөталиев).

**ЗЫЯНДУУЛУК** Зыян келтирүүчүлүк, ар кандай зыяндуу сапаттар. *Диний ырым-жырымдардын зыяндуулугун ашкерелөө.*

**ЗЫЯНКЕЧ** Зыян келтирүүчү, залал келтирүүчү. *Зыянкеч, бузук, душмандан, Тазалоо керек араны* (Шамшиев).

**ЗЫЯНКЕЧТИК** Зыян келтирүүчүлүк, жаман таасир тийгизүүчүлүк. *Капсалаңдын зыянкечтигине толук көз жетти* (Бейшеналиев). *Зыянкечтикти жана кара ниеттикти өлөрчө жек көрөмүн* (Каимов).

**ЗЫЯНКОР** Бүлүндүрүүчү, бүлдүрүүчү.

**ЗЫЯНСЫЗ** Зыяны жок, зыян келтирбей турган, зыяндуу эмес.

**ЗЫЯНСЫЗДАНДЫР** Зыяндуулугун жоготуу, зыян келтирбей тургандай абалга жеткирүү.

**ЗЫЯНСЫЗДАНДЫРУУ зыянсыздандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЗЫЯПАТ** Меймандоо сыйы, урмат-сый көрсөтүүчүлүк, меймандостук. *Сиздин бу конок кылган зыяпатыңызды өмүр бою унутпайбыз* (Абдукаримов). *Ражаб келген балдарды үйүнө алпарып зыяпат кылгысы келди* (Абдукаримов). *Жылкыдан тандап бээ союп, Баатырың зыяпатын арттырды* («Манас»).

**ЗЫЯРАТ (зиярат)** 1. Ыйык жерлерге барып табынып кайтуу. 2. Ажылык. *Зыярат кылып чоң жерге* («Манас» С.К.). 3. Сыйлоо, кадырлоо, урмат көрсөтүү, баш ийгендигин

билдирүү. *Атаңа кылбай зиярат* («Манас» С.О.). *Зыяраттап келүүчүлөр көп экен, Куран окуп, ак батасын тартышат* (Акматалиев).

**ЗЫЯРАТЧЫ** Зыярат кылуучу. *Мазарга барган зыяратчылар.*

**ЗЭЭН** Туюм, бир нерсени туюп-билүү жөндөмдүүлүгү, акыл-эстүүлүк. *Кол созгон болочокко Сапар бир жаш, Зээнинен өрнөк алган курбу-курдаш* (Маликов). ‖ Көңүл, көөн. *Атай черте баштады. Эки аял зээн коюп угушту* (Каимов). *Укмуштуу сөздү уккан соң, Булардын зээни бузулду* («Эр Табылды»).

**ЗЭЭНДҮҮ** Туюп-билүү жөндөмдүүлүгү күчтүү, акыл-эстүү, тез түшүнө коюу, биле коюу жөндөмдүүлүгү бар, акылы сергек. *Абдыракман ушунчалык сергек жана зээндүү болуп өстү* (Каимов).

**ЗЭЭНДҮҮЛҮК** Акыл-эс сезими күчтүүлүк, зээни барлык, тез түшүнүп биле коюучулук, сезимдүүлүк, сергектик. *Егор Ашырдын зээндүүлүгүн да жактырчу* (Сасыкбаев). *Адыл зээндүүлүгү, тырышчаактыгы аркасында илимди тез өздөштүрдү* (Сыдыкбеков).

**ЗЭЭНИ КЕЙҮҮ** Катуу капалануу, кайгыруу, көңүлү ооруу. *Жаачыдай болуп арыктаган кызын көрүп энесинин зээни кейиди* (Байтемиров). *Анархан зээни кейигендиктен эмне кыларын билбей кетет* (Жантөшев).

**ЗЭЭНИН КОЮУ** *к.* **дитин коюу.**

**ЗЭЭНСИЗ** Туюп-билүү жөндөмдүүлүгү начар, бир нерсени бат түшүнүп, акыл-эсинде жакшы сактап кала албаган, зээни начар. – *А шордуу, ата даңкы болсо да, өз башына ээ эмес, зээнсиз кургур тура,– деди Батийна* (Сыдыкбеков).

**ЗЭЭНСИЗДИК** Туюп-билүү жөндөмдүүлүгү начарлык, зээни начарлык.

**ЗЭЭР I** Зер, алтын. *Буттап алтын, кызыл зээр Алган адам карк болду* («Сейтек»).

**ЗЭЭР II** *туурасы:* **сээр.**

**ЗЭЭР III** 1. Бодо малдын өркөчтөн кийинки моюн жак жону. *Өркөчү бийик, зээри пас, Өөрөгө салса чарчабас. Аркасы бийик зээри пас, Адырга салса чарчабас* (Тоголок Молдо). 2. *сейр.* Адамдын моюн омурткалары. *Зээрин көтөрүп жүрөт экен.* (Моюнун койкойтуп, ээгин көтөрүп жүргөн адамга карата айтылат). **Сээр** деп да айтыла берет.

**ЗЭЭР САЛУУ** Көңүл бөлүү, назар таштоо. *Байымбетке бөтөнчө зээр салып, жубанган Коргон атанын «Муңдуу күүсү»* (Бейшеналиев).

**ЗЭЭРИ ПАС** Авторитети, аброю төмөн. *Айтор, зээри пас жигит эле дешет* (Медетов).

**ЗЭЭРИ УЧУРУУ** Таасири тийүү, себеп болуу. *Чөнтөгү толгон акчанын зээри учурдубу, же көңүл айткандар берген ичкилик көтөрүп кеттиби?* (Бердикеев).

# И

**И I** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө суроо алдында, бирөөгө кайрылууда, кубаттоо, күчөтүү, демилгелөө сыяктуу ички сезимдин көрүнүштөрүн билдирүүдө колдонулат. *И, айланайын, сен да чоор тартасыңбы?* (Жантөшев). *И, балдар, жакшы турасыңарбы?* (Турусбеков). *И, кызым, ойлон, ойлон!* (Жантөшев). – *И? деди Шабыраалы таңыркай тиктеп* (Байтемиров).

**И II** *сүйл.* Ошону менен бирге, жана, жана да деген сыяктуу байламталык милдетти аткарууда колдонулат. *Мектеп биздики. И андан окуп билим алуучулар да биздин балдар* (Сыдыкбеков).

**ИБАДАТ** Кудайга кулдук кылуу, сыйынуу, табынуу. *Акка кылсаң ибадат, Акырет күндө бейиш бар* («Манас» С.О.). *Ибадат кылып кудайга, Ыйман тилеп жалындым* (Эл ырлары).

**ИБАДАТКАНА** Кудайга сыйынуучу атайын жай, мечит. *Мусулманча, мечиттир, Ибадаткана дешиптир* («Манас» С.О.).

**ИБАРАТ** Тарбия, таалим, мисал, үлгү, өрнөк. *Ибарат алгын ушундан* («Манас» С.О.). *Залимдерден өчүңдү ал, Ибарат калсын артыңа* (Тоголок Молдо). 2. Элдик күүнүн аты.

**ИБЕЛЕК** *туурасы:* **үбөлүк.**

**ИБЕП** *эск.* Шек, күмөн. *Жалпы баарың ыйлайсың, Жаныңдан ибеп жейсиңби* (фольк.).

**ИБИЛИС** Алданын буйругун аткаруудан баш тартканы үчүн жүзү карарып, Адува Аллах (Алданын душманы) атанып, асмандан кубаланган периштенин аты. Адамдарга түбөлүк кас, тескери, азгыргыч кара күчтөрдүн башчысы. *Караңгылык билбейсиң, Кас ибилис бурганын* («Манас»С.О.).

**ИБРЕТ** **ибарат** менен бирдей. *Япониянын теле берүүсүндө кызыгар да, зааркантар да ибрети көп экен* (Жусупов).

**ИВРИТ** Израиль мамлекетинин байыркы расмий тили.

**ИГУМЕН** Эркектер монастырынын жетекчиси.

**ИДА** 1. Сан, канчалык экендиги. *Алтымыш эки кишинин идатын айтчы, Токтогул. Аманы канча калды экен.* 2. Эри өлгөн же ажырашкан аялдын шарыят боюнча үч айга чейин эрге чыгууга тыюу салынган мөөнөт. Эгер боюнда болсо, төрт ай он күн бүткөндөн кийин эрге чыгууга уруксат. *«Идаа» деген эмне? десем, ал «жолдошунан айрылган же кокус ажырашкан келин болсо, үч ай бою үйүндө боюнда калганын же калбаганын билиш үчүн отуруп калган убагы»* (Мукамбаев).

**ИДАРА** *диал* Мекеме, контора.

**ИДЕАЛ** 1. Бир нерсенин эң жогорку үлгүсү, сапаты. 2. Умтулуунун эң жогорку чекити.

**ИДЕАЛДАШТЫР** Бир нерсени анын өзүндөй, турмуштагысындай карабастан, алда канча мыкты, сонун кылып берүү, көрсөтүү, элестетүү.

**ИДЕАЛДАШТЫРУУ** **идеалдаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ИДЕАЛИЗАЦИЯ** **идеалдаштыр** менен бирдей.

**ИДЕАЛИЗМ** Бардык нерсенин негизи – дух, сезим, идея деп эсептөөчү, табият, болмуш, материяны экинчилик орунга коюучу. философиялык багыт. *Субъективдүү идеализм. Объективдүү идеализм.*

**ИДЕАЛИСТ** 1. Идеалисттик философиянын жолун жолдоочу. *Субъективдик идеалисттер жаратылыштын, физикалык дүйнөнүн адамсыз эле жашай турганын таанышат* («Марксисттик философиянын негиздери»). 2. Чындыкты турмуштун өзүндөгүдөй карабастан идеалдаштырып кароочу кыялкеч.

**ИДЕАЛИСТТИК** **идеализм** дегенге таандык. *Дүйнөгө идеалисттик көз караш.*

**ИДЕНТИФИКАЦИЯ** Түздөн-түз кабыл алынган объектинин же анын элементтерин, сапатын эсте сакталып турган образ менен салыштыруу жана бир убакта кабыл алынган эки нерсени окшоштуруу.

**ИДЕОГРАММА** Кандайдыр бир түшүнүктүн шарттуу жазуу белгиси. Мис., иероглиф, цифралар, шарттуу белгилер.

**ИДЕОГРАФИЯ** *лингв.* Идеограмма аркылуу жазылган жазуу.

**ИДЕОЛОГ** Кандайдыр бир коомдук таптын, топтун, багыттын идеологиясын билдирүүчү жана жактоочу адам. *Революциячыл пролетариаттын идеологдору.*

**ИДЕОЛОГИЯ** Көз караштардын жана идеялардын системасы, саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык ж. б. көз караштардын, түшүнүктөрдүн жыйындысы, системасы. *Марксисттик-лениндик идеология. Буржуазиялык идеология.*

**ИДЕОЛОГИЯЛЫК** **идеология** дегенге таандык. *Идеологиялык иштер.*

**ИДЕРЛҮҮ** Күч-кубаттуу, ыкчыл, шамдагай адам. *Идерлүү адам жактырган* («Манас» С.К.). *Идерлүү жигит, күлүк ат.*

**ИДЕЯ** 1. Нерсе, кубулуштар жөнүндөгү түшүнүк, ой, элес. *Окуган сайын ага жаңы идея, жаңы сезим, жаңы көз караш туула берди* (Баялинов). 2. Көз караштардын негизги принциби, бир нерседеги негизги ой. *Картинанын идеясы.*

**ИДЕЯЛУУ** Идеясы бар, мазмундуу, негиздүү. *Ч. Айтматов жалпы адамзаттын терең идеялуу чыгармалары менен ар түрдүү улуттагы, дилдеги дүйнөлүк окурмандардын көңүлүн өзүнө бура алды.*

**ИДЕЯЛУУЛУК** Алдыңкы, прогрессивдүү идеясы бардык. *Биздин искусствонун чыныгы элдиги, интернационалдуулугу, жогорку идеялуулугу, эбегейсиз көркөмдүүлүгү жана тез өркүндөшү аны даана жана асыл кылып көрсөтөт* (Токомбаев).

**ИДЕЯЛЫК идея** дегенге таандык. *Идеялык күрөш. Чыгарманын идеялык мазмуну.*

**ИДЕЯСЫЗ** Идеясы жок. *«Поэма идеясыз, көркөмдүк поэзиялык сапат да жок» деп бадырайта жазып, Узаков кол жазманы столдун үстүнө ыргытып таштады* (Бейшеналиев).

**ИДЕЯСЫЗДЫК** Идеясы жоктук. *Адабиятта саясатсыздыкка, идеясыздыкка жол берилүүгө мүмкүн эмес.*

**ИДИЛЛИЯ** 1. Табияттын кучагында жай баракат, бейпил, бактылуу өмүр сүрүү. 2. Ошондой турмушту сүрөттөп көрсөткөн көркөм чыгарма.

**ИДИОМА** Эки же андан ашык сөздөн түзүлүп, жалпы мааниси ошол сөздөрдүн жеке мааниси менен тике байланышпастан көбүнчө өтмө мааниде колдонулуп, ошол тил үчүн гана мүнөздүү болгон, тутумундагы сөздөрдү ажыратып кароого болбой турган туруктуу сөз айкаштары. Мисалы: *Колтугуна суу бүркүү. Жумурткадан кыр чыгаруу.*

**ИДИОМАТИКА** 1. Идиомалар жөнүндөгү окуу. 2. Бир тилдеги идиомалардын жыйындысы.

**ИДИОТИЗМ** 1. Келесоолук. 2. Барып турган акмактык, макоолук.

**ИДИРЕК** Тез түшүнө коюучулук, акыл жөндөмү, зээн. *– И-и Каныбегимдин идиреги бар экен! – деп Жума эмнегедир кубангандай боло түштү* (Жантөшев).

**ИДИРЕКТҮҮ** Акыл жөндөмдүүлүгү бар, зээндүү. *Идиректүү бала.*

**ИДИШ** Тамак-аш куюп ичүү үчүн, азыктүлүктөрдү сактоо үчүн, ошондой эле ар кандай нерселерди салып коюу максатында колдонулуучу чыны, табак, кап сыяктуу буюмдардын жалпы аты. *Калай чөмүчтү батыра сузуп, чоң эне өзү идиштерге тамак үлөштүрө баштады* (Сыдыкбеков). *Өрүшүнө мал жайнап, Идиш толо бал-каймак, Чар-басы өскөн кыргыздын* (Калык).

**ИДИШ-АЯК** Тамак куюп ичүү же куюп коюу үчүн колдонулуучу идиштердин жалпы аты. *Зубайда идиш-аягын жыйнаштырган болуп көпкө жүрдү* (Жантөшев).

**ИДОЛ** 1. Жасалма кудай, бутпарастар табынуучу сөлөкөт. 2. *өт.* Аздек.

**ИЕНА** Японияда акча бирдиги.

**ИЕРАРХИЯ** Төмөнкүлөрдүн (кызматы, даражасы ж.б. көрүнүштөр боюнча) жогорудагыларга баш ийүү тартиби.

**ИЕРОГЛИФ** 1. Кандайдыр бир түшүнүктү берүү үчүн идеограммага негизделген жазуу белгиси (мис., кытай, байыркы египеттик жазуунун белгилери). 2. *өт.* Окууга кыйын, түшүнүксүз жазуу.

**ИЕРОГЛИФТИК иероглиф** дегенге таандык. *Иероглифтик жазуу.*

**ИЕТКЕРДЕН** Илгерки сабатсыз кыргыздардын намазды баштагандагы сөзү: мындагы иет (туурасы: ниет) – ой, пикир, керден дегени аракет, иштөө дегенди туюнтат. *Иеткерден деп, намазды башташты да, суканаке деп кол байлашты* (Жантөшев).

**ИЖАЗА** Уруксат. *Келмек – ирада, кетмек – ижаза (келмек кудаанын буйругу боюнча, кетмек – үй ээсинин уруксаты боюнча) (макал).*

**ИЖАРА** Жерди, үйдү ж.б. убактылуу пайдаланууга берүүчүлүк, аренда. *Оозгу үйүмдө ижарага турган эле* (Жантөшев).

**ИЖАРАТ** *тар.* 1. Хижра – мусулмандардын жыл эсебинин аты (Мухамед пайгамбар Мекеден Мединага көчүп келген 622-жылдын 16-июлунан мусулманча жыл сүрүү эсеби башталат). 2. *өт.* Ата конушун таштап кетүү. 3. Конуш оодаруу, көчүү.

**ИЖИРАТ ижарат** менен бирдей.

**ИЗ** 1. Адамдын, жаныбарлардын, машинанын ж.б. жүргөн, басып өткөн жерлеринде калган белги, так. *Каршы-терши кеткен коёндордун изинен баш маң болот* (Каимов). *Мен артта Сапарбектин лыжасынын изи менен баратам.* 2. *өт.* Турмуш жолу, басып өткөн өмүр жолун билдирүүчү белги. *Тарых бетин саймалантты, Он беш жылда баскан из* (Үмөталиев). *Баары кымбат жаштыктагы кылган иш, Жаштык өтөт, иштей билсек калат из* (Токомбаев).

**ИЗ СУУТУУ** Создуктуруп, узартып жиберүү, унуткаруу, эскиртип жиберүү, болгондугу ойдон чыгып кетишине шарт түзүү. *Эптеп изин суутуу үчүн катташууну азайтат* («Чалкан»).

**ИЗАТ** *туурасы:* **изаат.**

**ИЗГИ** Асыл, ийгиликтүү, жакшы, үзүрлүү. *Педагог деген наамыңа жараша адамдын ички ой толгоосун айттырбай билген изги болсоң гана, атаганат* (Абдиев).

**ИЗДЕ** 1. Табуу үчүн аракеттенүү, көрүү, таап алуу максатында кароо, сурамжылоо, дайынын, кабарын билүүгө аракеттенүү. *Камчысын таап алды издеп жүрүп* (Турусбеков). *Элемандын Төштүгү Агасын издеп калды дейт* («Эр Төштүк»). 2. Көздөө, артынан түшүү. *Издегени тамаша, сүйлөгөнү күлкү* (Сыдыкбеков). *Илим издеп кеткен элем алыска* (Токомбаев). 3. Иликтөө, изилдөө, караштыр-

рып, байкаштырып көрүү. *Китепте не каалasaң бардыгы бар, Эрикпей карап чыксаң таамай издеп* (Осмонов). *Иш издеп шаардан шаарга кетип жүргөн* (Үмөталиев).

**ИЗДЕЛ изде** этишинин туюк мамилеси.

**ИЗДЕН изде** этишинин өздүк мамилеси. *Имерилип Курманбек, Ойлонуп акыл изденип* («Курманбек»).

**ИЗДЕН ТАЙБОО** Белгиленген жолдон, багыттан чыкпоо, ошол багытты, жолду бекем кармоо, кыйшаюусуз аракет кылуу. *Өкмөт эл чарбасынын тармактарын кадрлар менен чыңдоого изден тайбастан көңүл буруп келе жатат.*

**ИЗДЕНҮҮ изде** этишинин кыймыл атоочу. *Талыкпаган чыгармачылык изденүү өз жемишин берди.*

**ИЗДЕТ изде** этишинин аркылуу мамилеси. *Мунун баары мени издеткен Амандын кылган иши, кечикпей өч алармын* (Үмөталиев).

**ИЗДЕШ изде** этишинин кош мамилеси.

**ИЗДЕШПЕЙ ТАБЫШУУ** Кылган иштери, кулк-мүнөзү, кыял-жоругу ж.б. боюнча бирибирине дал келүү, төп келүү, окшоп калуу. *Алар издешпей табышкан жырткычтар экен да баары* (Бердикеев). *Кол кармашып аллеядан чогуу басышса, «издешпей табышкан экен, карачы» дешип суктанышат адамдар* (Мырзаев). *Букарбай экөөңөр издешпей табышкансыңар* (Бейшеналиев).

**ИЗДӨӨ изде** этишинин кыймыл атоочу. *Каныбекти шимшилеген издөө аябай күч алды* (Жантөшев).

**ИЗИ ЖОК** Дайынсыз, белгисиз. *Бөлүнгөн акчадан он миң сомдун изи жок.*

**ИЗИ СУУ** Дайынсыз болуу, унутулуп калуу, дареги билинбей кетүү. *Айдар көкүл жуңжаңдар болсо таптакыр изи сууп жоголот* (Айтматов). *Качан изи сууп, арадан көп күн өтүп, тым-тым болуп калганда гана түн катып келип, болгон жылкыны айдап кетиптир* (Осмоналиев). *Казангап гана түшүнмөк, ал болбосо Эдигей алдакачан Бороонду разьездинен изи сууп жоголмок* (Айтматов). *Алар кайра эсине келгенче изиңди суутуп кетпей сенде жан жокпу* (Касымбеков).

**ИЗИЛДЕ** 1. Сурамжылоо, сураштыруу, кабарын, дарегин сурамжылап издөө, иликтөө. *Изин кууп адашпай, Изилдеп булар барды эми* (Үсөнбаев). 2. Бир нерсенин түзүлүшүн, кандай өзгөчөлүктөрү бар экендигин ж. б. жактырып билип, таанышып чыгуу, иликтеп текшерип көрүү, илимий иликтөө жумуштарын жүргүзүү. *– Чын эле арпага окшош экен,– деди Сеитова,– изилдеп көрүш керек* (Сыдыкбеков).

**ИЗИЛДЕН изилде** этишинин өздүк мамилеси. *Бул маселе бардык жагынан изилденип чыкты.*

**ИЗИЛДЕТ изилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЗИЛДЕШ изилде** этишинин кош мамилеси.

**ИЗИЛДӨӨ изилде** этишинин кыймыл атоочу. *Кызылчаны эң биринчи өстүргөн, Изилдөөсүн дайым өзү башкарган* (Токомбаев).

**ИЗИЛДӨӨЧҮ** Бир нерсени бардык жактан талдап, текшерип, аныктап иштеп чыгуучу, изилдөө иштерин жүргүзүүчү. *Ал жалаң котормочу гана эмес, ошону менен бирге мыкты изилдөөчү.*

**ИЗИН БАСПОО** Жолуна түшпөө, ээрчибөө, жакын жолобоо, алыс жүрүү. *Биз изиңди мындан кийин баспайбыз деп Жоголду бирденбирден боздоп ыйлап* (Осмонкул). Экинчи мунун изин баспасмын деп өзүнө катуу убада берди («Чалкан»).

**ИЗИН БАСТЫРУУ** Ордуна башканы коюу, толуктоо, башка менен алмаштыруу. *Чабырлары менен изин бастырып коюп, ириктерди сатып жиберди* («Чалкан»).

**ИЗИН ЖАШЫРУУ** Кылган иштеринин дайнын билгизбөөгө аракет кылуу, өзүнүн ким экендигин жаап-жашыруу, астыртан, тымызын аракет кылуу. *Атасы камалып кеткенде изин жашырып, биздин айылга качып келет.* (Жантөшев). *Садыров балдарына жардам берүүнүн ордуна ар кайсы жерлерде изин жашырып жүрөт* («Ленинчил жаш»). *Кочкор тарапка барабыз дешип издерин жашырышты* (Осмоналиев). *Канчоро изин жашырып, Душмандыгын ашырып* («Манас»).

**ИЗИН КЕЧЕ АЛБОО** Жанына бара албоо, тең келе бербөө, тең тайлашууга күчү жетпөө. *Менин атамдын изин кече албайт, сенин атаң* (Үмөталиев). **В.: Изин кечпөө.** *Эсенаман, Көчөрбай ырчы Токтогул менен айтышмак турсун, изин кечпей калышыптыр* (Бейшеналиев).

**ИЗИН СУУТПОО** Батыраак, тезирээк аракеттенүү, унуткарбоо, эскиртип жибербөө. *Аны арылатпай, изин суутпай чапчаң жасайлы* (Абакиров). *Анда келини из суутпай келип жүрүп, акыры малдын баарын саттырды да, абышканы шаарга алып кетишти* (Айтматов).

**ИЗИН ТАППОО** Дайын-дарегин, эмне болгонун, кандай чыгымдалганын билбей калуу. *Ошентип жүрө берип, акырында он миңдеген сомдун изин таппай калды.*

**ИЗИН ТАПТЫРБОО** Дайын-дарегин, эмне болгонун, эмнени кайда жоготконун билгизбей салуу, дайынсыз болуп кетүү, эмне экендиги билинбей калуу. *Ошол эле курулуш уюмунда мастер болуп иштеген Алыбаев 1521 сом 26 тыйындын изин таптырбай жеген* («Чалкан»). *Андан тышкары келдимкеттим кишилер 1500 сомду моюндарына илген боюнча изин таптырбай кетишкен* («Чалкан»).

**ИЗИНЕ ТҮШҮҮ** 1. Андып калуу, куугунтукка алуу. *Изине түшүп барбасак, Калмактан кабар албасак* («Эр Табылды»). 2. Жо-

голгон же издеген нерсенин шегин, дайынын билип калуу. *Билинбей, туюлбай анын изине түшөт* (Осмоналиев).

**ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ** *к.* **сары изине чөп салуу.**

**ИЗИРКЕК** *туурасы:* **исиркек.**

**ИЗОГРАФИЯ** Кол жазманы, почеркти так, даана мурунку калыбындагы көчүрмөсүн жасоо.

**ИЗОЛЯТОР** 1. Электр тогун өткөрбөй турган зат (мисалы, каучук, айнек ж.б.) 2. Электр зымын бекитүүчү ток өткөрбөй турган ролик же башка жасалга. 3. Ооруканаларда же башка орундарда бөлүнүп коюлушу талап кылынган оорулууларды жаткыруу үчүн дайындалган бөлмө, атайын жай. *Интернатта медициналык пункт, алты койкалык изолятор иштейт* («Кыргызстан аялдары»).

**ИЗОЛЯЦИЯ** Бөлүү, алсыратуу.

**ИЗОТЕРМА** Географиялык картада орточо температурасы бирдей болгон жерлерди бириктирүүчү сызык.

**ИЗУМРУД** **зумурут** менен бирдей. *Ыксыраган эгиндер Изумруддай байкалат* (Токомбаев).

**ИЗҮҮЛДӨ** *туурасы:* **изилде.**

**ИЙ I** 1. Теринин абдан жумшартып, ушалап, ийлөө ыгы, теринин абдан жумшартылып ийленген абалы. *Күн аптабын өткөрбөй, Ийин мыкты кандырган, Артык бышык болсун деп, Алма кабык салдырган* («Сейтек»). 2. Бир нерсени маңызын чыгара, жеткире иштөөчүлүк. *Бир иштин соңунан түшкөндө ийин чыгара иштейт. Ийине жеткен иш.*

**ИЙ II** Нааразылыкты, өкүнгөндүктү, таң калууну, уялууну, ооруксунууну ж. б. ички сезимди билдирүүдө колдонулат. *Ий, чоң эне. Бат-бат эле чуркап кетпейби, кечигип калабыз эми* (Сыдыкбеков). *Ий баягы бөлөм турбайбы* (Жантөшев).

**ИЙ III** Тике турган же түз абалынан майышкан же ийилиңки тарткан абалга келтирүү, кыймыл. *Катууну ийсең бетке тиет* (Сыдыкбеков). *Омор жакшынакай алча көчөтүн төмөн ийди* (Сыдыкбеков).

**ИЙ IV** 1. Берилип, балкып кетип сүт көп чыгуу, сүт кыстоосуз чыгуу. *Кулуну эмгенге ийип кетти го, – деди Зулай* (Байтемиров). *Нуржан, кагылайын, эмизсеңчи, Ийбесе, буламык бар жегизсеңчи* (Токомбаев). *Ар жагынан сүт ийип, Арaң турат төгүлбөй* (Үмөталиев). 2. Көңүлү жумшоо, жибүү, ак көңүлү кармоо, көңүлдөнүү, ийигүү. *Эмгек кылган кишиге Көңүлүңдү ийгенсиң* (Үмөталиев). *Алар ошол кезде бир ийип кетти көрүнөт, күнүнө бир-эки маал машина менен суу сээп коюучу болду* («Чалкан»). *Бозойдо кайрат бар болсо, Элге медер жан болсо, Көңүлү ийип берилип, Селкилер баалайт ошондо* (Турусбеков).

**ИЙ V** Негизги этиштен кийин колдонулуп, кыймыл-аракеттин айкын жана кескин түрдө экендигин, чечкиндүүлүгүн билдирүүчү көмөкчү этиш. *Көөнүңө алба Эшмамбет, Айтып ийдим ар кыл кеп* (Токто-гул). *Мени өткөрүп ийиңизчи, агай* (Бейшеналиев). *Көп дүнүйөм ошо бар, Жайып ийсе мал болгон Бакты килем кошо бар* («Эр Төштүк»). *Алдырып ийип атыңды Жөө калганың андан көп* («Эр Табылды»). *Түктөп ийип арпаны, Кебегин атала чалып бергендир* («Манас»). *– Кана, аксакал, үшүп калгандырсың, чай ичип ийиңиз,– деди Ражаб* (Абдукаримов).

**ИЙ МАЙДА** Өтө тыгыз (көбүнчө токулган кездемеге карата), майда (оюу көчөткө карата).

**ИЙБАА** *туурасы:* **ыйба.**

**ИЙБАК** *туурасы:* **ыйбак.**

**ИЙБАРАТ** *туурасы:* **ибарат.**

**ИЙГЕ КЕЛТИРҮҮ** Ыкка көндүрүү, багындыруу, макул кылуу. *Дүр топорлорду ийге келтирүүнүн ар түркүн ыгын сунуш этүүдө* (Бейшеналиев).

**ИЙГЕ КЕЛҮҮ** *же* **ийге көнүү** Сөзгө келүү, жөнгө келүү, ыкка, айткан-дегенге көнүү, макул болуу. *Ийге келип калды, Колго тийгенден кийин ийге келет да* («Чалкан»).

**ИЙГИ I** 1. Жакшы, түзүк, дурус. *Түсү ийгиден түңүлбө деген. Жүзүң ачык, дилиң ак жигит экенсиң чырагым* (Касымбеков). *Үйрөнүшкөн жоо атышарга ийги* (макал). 2. Пайда, ийгилик, жакшылык. *Сендеги күчтүн ийгисин качан көрөбүз* («Ала-Тоо»). *Кандан ийги көрбөсө, Өлгөнү келет диванаң* (Жантөшев).

**ИЙГИ II** Курч темирден жасалып, жумуру жыгачтан сапталган, эки жагы ай сымал келген, жыгач усталардын миздүү аспабы.

**ИЙГИЗ** **ий III** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙГИЛИК** Жетишкендик, жемиштүү иш, ойдогудай натыйжа. *Ийгиликтин эрте-кечи жок* (макал). *Ийгиликке ээ болуп, Көргөзмөгө баргыла* (Осмонкул).

**ИЙГИЛИКСИЗ** Жемиштүү эмес, жакшы натыйжасыз. *Анын аракети ийгиликсиз болуп аяктады.*

**ИЙГИЛИКТҮҮ** Жакшы натыйжалуу, жемиштүү, ийгилиги бар. *Учуу абдан ийгиликтүү өттү, космос кораблинин бүткүл аппаратурасы так иштеди* («Советтик Кыргызстан»).

**ИЙДИ** Жыгачтан кашык, сузгу ж.б. жасаганда ичин оюучу ийри бычак сыяктуу курч курал. *Көөкөрчө кылып ийдирген, Кыл кыяк кылып чийдирген* (Тоголок Молдо).

**ИЙДИЛЕ** Жыгачтан жасала турган кашык, сузгу ж.б. сыяктуу идиштердин ичин ийди менен оюу, чукурайтуу. *Ичинде Жанузак бар тынымы жок, Ийдилеп чөмүч, чөйчөк жасайт кашык* («Советтик Кыргызстан»).

**ИЙДИЛЕП КЕТҮҮ** 1. Кырып-жышып кетүү; этемесин калтырбай сүрүп кетүү. 2. Санааны санга бөлүү, ичин күйгүзүп бук кылуу. *Бирок, ата-энесинин ичин ийдилеп*

*жаткан бир шектүү иш Бактыбек менен бирге түшкөн Андрейдин кызынын баякы сүрөтү болду* (Сооронбаева).

**ИЙДИЛЕТ ийдиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙДИЛӨӨ ийдиле** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙДИР I ий III** этишинин аркылуу мамилеси. *Көөкөрчө кылып ийдирген, Кыл кыяк чаап чийдирген* (Тоголок Молдо).

**ИЙДИР II ий IV** этишинин аркылуу мамилеси. *Үч ийдирип саагандa Көнөк толгон сүт алдың* (Тоголок Молдо).

**ИЙЗАТ** *туурасы:* **ызаат.**

**ИЙИ ЖАНУУ** *к.* **ийри жануу.**

**ИЙИГҮҮ ийик II** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙИК I** Жүндөн, кебезден, ар кандай буладан жип ийрүүгө ылайыкталып жасалган нерсе. *Чоң эне ийик эле ийрип олтурат* (Сыдыкбеков).

**ИЙИК II** 1. Көңүлү жумшаруу, жибүү, ак көңүлү кармоо. *Атай Жаныбектин мактоосуна ийиккен жок* (Каимов). *Келгениңе алты айдан ашты ушу бечараларга бир ийиккениңди көрбөдүм* (Касымбеков). *Жылуу сөзгө ийигер бекен деп, бири-биринен үмүттөнүштү* (Каимов). 2. Ийилүү, мүнкүрөө, алсыз болуу. *Башыңа мүшкүл иш түшсө, Кападар болуп ийикпе (Жеңижок).*

**ИЙИК БАШ** 1. *диал.* Томук. 2. Кашка жиликтин жамбаштын чуңкуруна кирүүчү башы.

**ИЙИКТЕЙ ИМЕРИЛҮҮ** *же* **ийиктей чимирилүү** Эпилдеп-жепилдеп шамдагай, элпек аракетте болуу. *Келиндер ийиктей имерилип Каныбектин айтканын орундатууда* (Жантөшев). *Таманым жерге тийбей ийиктей имерилип жүгүрүп жүрдүм* («Ала-Тоо»).

**ИЙИКТИР ийик II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙИЛ ий III** этишинин өздүк мамилеси. *Берметтей даны тизилип, Жүзүмү жерге ийилген* (Осмонкул).

**ИЙИЛГИЧ ийилчээк** менен бирдей. *Жаш баланын манжалары ийилгич келет* («Ден соолук»).

**ИЙИЛЧЭЭК** Оңой ийилүүчү, ийилүүгө жөндөмдүү, ийилгич. *Чынар жайылган сайын ийилчээк, иним* (Сыдыкбеков).

**ИЙИН I** Моюндан кар жиликтик жогорку башы орношкон жерге чейинки аралык, акыректин үстү. *Куттуктаймͅ! – деп Бекжан Карыпты эки ийинден алып силкилдетти* (Абдукаримов). *Боз шинелди үч бүктөп оң ийнине салып койгон* (Сыдыкбеков).

**ИЙИН II** (*таанд. м.* ийни) 1. Жапайы жаныбарлардын (суур, чычкан, түлкү ж.б.) жерди казып жасап алган баш калкалоочу жайы. *Ийинден алыс узабай, Суурлар жүрөт чыңкылдап* (Осмонкул). 2. *өт.* Эптеп жашап туруучу, корголоп бекинүүчү жай. *Таба албайсың беш каман, Корголорго ийинди* (Токтогул). *Же кабар албай душмандан, Ийинге экөөң кирдиңби.* («Эр Табылды»).

**ИЙИН ЖАНДЫРБОО** Көңүлүн калтырбоо, айтканына макул болуп, шагын сындырбай, өтүнүчүн орундатып коюу. *Ийимди жандырбаңыз, шагым сынбасын* (Убукеев). *Апай эне маңкайып, өзүлөрүнүн санжыргалуу жаштыгын, ошо шарапат ушуга дейре ийин жандырбай дөөлөттүү жашашканын кыйытты* (Бейшеналиев). *Балдардын ийин жандырбай аягына чыгайын деген ниетте уланта берди* (Бейшеналиев). **В.: Ийин суутпоо.** *Ийин суутпай жанына турдум* (Бейшеналиев). *Көчүрүп алууга ниеттенгендердин ийин суутпай колмо кол бермей болду* (Бейшеналиев). **Ийрин жандырбоо.** *Балдардын ийрин жандырбай билгендериңизди толук айтып бериңиз, аксакал* («Кыргызстан маданияты»). **Ийин кайтарбоо.** *Ийиңди кайтарбасына көзүм жетти* (Бейшеналиев). *Кайрылгандардын ийин кайтарбай, билгендериңизди тартынбай, суроолоруна толук жооп бересиз* (Бейшеналиев).

**ИЙИНГЕ КИРГИЗҮҮ** Абдан коркутуу, кысым көрсөтүү. **В.: Ийнине киргизүү.** *«Манас», «Семетей» дастандарында чачылган кыргызды бириктирип, баскынчы душмандарды ийнине киргизип... элдин улуттук өзүнчөлүгүн коргогон окуялар кеңири сүрөттөлөт* (Бейшеналиев).

**ИЙИНДЕ** Бир нерсени ийинге салып көтөрүү. *Дилде эки чакасына суу алды да ийиндеп, бураң-бураң басып жөнөй берди* (Касымбеков).

**ИЙИНДЕГИЧ** *диал.* Эки учуна чаканы илип, суу ташуу үчүн колдонулуучу бакан, апкөч. *Эки чакага сууну толтурду да ийиндегичке илип жөнөдү.*

**ИЙИНДЕТ ийинде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙИНДЕШ ийинде** этишинин кош мамилеси.

**ИЙИНДИ** Саагандан кийинки желинде калган сүт. *Күрөң уйдун музоосун агытып, кийинки ийиндисин эмизип жаткан эле.*

**ИЙИНДӨӨ ийинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙИНДҮҮ I** Далылуу, ийиндери кең, ийини жазы. *Кең ийиндүү сары чийкил жигит.*

**ИЙИНДҮҮ II** Ийиндери көп, ийин көп казылган, ийини бар. *Ийиндүү жер.*

**ИЙИНЕ ЖЕТКИРҮҮ** Иштин көзүн таанып, маңызын чыгара жасоо, тыңгылыктуу бүтүрүү, кынтыксыз иштөө, таасын аткаруу. *Бир иштин соңуна түшкөндө ийин чыгара иштейбиз деп балам экөөбүз убада берген элек* («Кыргызстан маданияты»). *Ал куйкум сөздү ийине жеткире сүйлөгөн куудул адам болгон* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЙИНКИ I** Бир аз ийилген, иймегирээк. *Ийиңки жерин түздү.*

**ИЙИНКИ II** Мурдагыга салыштырмалуу мээримдүүрөөк, жумшагыраак. *Гүлайымдын мурдакыдай мистейбей ийиңки тартып кал-*

*ганын байкады* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЙИР** 1. Жүндү, кебезди ж. б. чубай чыйратып жип түрүнө келтирүү, бурай эшүү, ийик аркылуу жип түрүнө келтирүү. *Була менен жибекти, Аралаш ийрип талдырдым* («Эр Төштүк»). 2. Кайрып чогултуу, имере кайруу. *Куубай карма, тойгон койго зыян деп, Койчу турат койду таштай ийирип* (Осмонкул). 3. *өт.* Былк эттирбей өз билгениндей башкаруу, өз эркинче бийлик жүргүзүү. *Алайдын элин ийрип, жуушатып келди* (Жантөшев).

**ИЙИРҮҮ ийир** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙИТ ий IV** этишинин аркылуу мамилеси. *Ийилтип саашка өнөкөт алган уйлар оорсок саашка жөн эле көнүп бере коёр бекен?* (Убукеев).

**ИЙКЕ: баш ийкөө** Макул болгондукту, кубаттагандыкты, ырастагандыкты, туура дегендикти билдирип башты ие кыймылдатуу. *Эсен унчукпай гана башын ийкеди да, Жуманын артынан басты* (Жантөшев).

**ИЙКЕКТЕТ: баш ийкектет** Макул болгондукту, кубаттагандыкты, ырастагандыкты билгизип башын кыймылдатуу, тез-тез, кайта-кайта баш ийкөө, башын ийкендетүү. *Небересинин демин сууткусу келбей чоң эне башын ийкектетти* (Сыдыкбеков).

**ИЙКЕМ** Элпектик, илбериңкилик. *Менсинген жакшылар да, Күлгаакыга ийкем менен учурашты* (Сыдыкбеков).

**ИЙКЕМГЕ КЕЛҮҮ** Илбериңки тартуу, айтканга макулдануу, көрсөткөн жакка көнүү, ыкка түшүү. *Ийилбес темирдей өз намысында бекем турган Асантай жакшылардын кебинен кийин ийкемге келди* (Сыдыкбеков).

**ИЙКЕМДҮҮ** 1. Ылайыгына, шартына жараша жандуу аракет кылууга жөндөмдүү, ыкчыл. *Шахтанын башкы инженери ийкемдүү жаш жигит* (Сыдыкбеков). 2. Элпек, шайдоот, илбериңки. *Талча шып ордунан турду. Мындай кезде ал ийкемдүү да* (Байтемиров). *Үй ээси олчойгон денеси менен ийкемдүү кызмат кыла албаса да, отурган жигиттер менен аялынын жанын жай алдырган жок* (Каимов).

**ИЙКЕМДҮҮЛҮК** Жөндөмдүүлүк, ыкчылдык, элпектик, илбериңкилик. *Ал өзүнүн келиндеринин шайдооттугу, турмуштун ар бир шартына ийкемдүүлүк көрсөткөндүктөрүнө сыймыктанды* (Убукеев). *Жийдегүл ыйын токтотуп ийкемдүүлүк менен иштеп, Ашырды жөнөтүү камын көрө баштады* (Сасыкбаев).

**ИЙКЕҢДЕТ ийкектет** менен бирдей. *Чоң эне үнсүз башын ийкеңдетти* (Сыдыкбеков).

**ИЙЛЕ** 1. Тебелеп, ушалап (мис, терини) жумшартуу, ийине келтирүү. *Булгаары ийлеп, шым кылса, Өңү сонун кулпурса, Уздун чери жазылат* (Токтогул). *Суз киши мойнок ийлейт бурап-бурап* (Токомбаев). 3. Мыжыгып эзгилөө, жанчып, жуура аралаштырып ж. б. аракеттер менен жумшак абалга, ийине келтирүү. *Апам үңкүйүп камырын ийлей кетти* (Касымбеков). *Дарысын ийлеп, ок куюп, Даярланып кырк жигит* («Эр Табылды»). *Мектептин чарба башчысы, көзүнөн бери баткак болуп ылай ийлеп, ал дагы өзүнчө аракеттенүүдө* (Таштемиров). 2. *өт.* Аябай сабоо, уруу, тепкилөө. *Тың сүйлөсө бир кедей, Камчы менен ийлеген* (Калык).

**ИЙЛЕН ийле** этишинин өздүк мамилеси. *Канчалык жакшы ийленсе, кирпич да ошончолук бекем болот* (Сыдыкбеков).

**ИЙЛЕП-ИЙЛЕП ИТКЕ САЛУУ** Баарын даярдап, бирок үзүрүн көрбөө.. *Ийлеп-ийлеп итке салып, баса бергениң кандай* («Ала-Тоо»). – *Мына баатыр! Ийлеп-ийлеп итке салып, үй-жайыман, мончоктой болгон балдарыман ажырап, арсыз арманымды мен аракка айтып, арак мени сендиректете сүйрөп...* (Өмүрбаев).

**ИЙЛЕТ ийле** этишинин аркылуу мамилеси. *Тоо текенин терисин, Толгой кармап ийлетип, Балбандарды жадаткан* («Эр Төштүк»).

**ИЙЛЕШ ийле** этишинин кош мамилеси. *Баткак ийлешип жардамдашты.*

**ИЙЛӨӨ ийле** этишинин кыймыл атоочу. *Ишканада тери ашатуу, ийлөө цехин да уюштурдук* (Сасыкбаев).

**ИЙМЕЙ** Жаа сыяктуу ийилиңки тарткан ичке көрүнүштө болуу, кабырыңкы тартып илмейген абалда болуу. *Иймейип чабалекей канатындай, Ак жүзгө кыналышкан кыйгач кашы* (Токомбаев). *Ийнелик, ийнелик, Иш кылуудан ийменип, Кыш болгондо карды ачып, Жатып калат иймейип* (Осмонов).

**ИЙМЕ-ЧИЙМЕ** Каршы-терши кеткен иретсиз, каршы-терши кеткен татаал, кыйма-чийме. *Кагаздын бетинде ийме-чийме сызыктар эң эле көп* (Таштемиров). *Ийме-чийме жолдо Кайрылбаган оңго-солго* (Шүкүрбеков).

**ИЙМЕЙТ иймей** этишинин аркылуу мамилеси. *Кашын иймейтип боёгон.*

**ИЙМЕЙҮҮ иймей** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙМЕК I** Кооздук үчүн кулакка тагылуучу, кымбат баалуу металлдан жасалган сөйкө, сырга. *Келиндердин чач учтуктары, иймек, билериктери шарактайт* (Жантөшев). *Күлкү кыстаган Гүлбүбүнүн жагымдуу үнү күмүш иймектин күбөгүндөй шыңгыр этет* (Сыдыкбеков). *Кулагыңда иймегиң, Кубулат күндө иймегиң* («Эл адабияты»).

**ИЙМЕК II** Кичине ийилген, иймейген, жаа сыяктуу ийилиңки, иймекей. *Тал чыбыктай чачымды, Айдай иймек кашымды Куркулдап кузгун тытат ээ!* («Семетей»).

**ИЙМЕКЕЙ** Ийилген, жаа сыяктуу ийилиңки. *Кана, мындай болгула! – деди Ашыр, орто жериндеги иймекей туткасына чейин буралган сайын бар бургуну алып* (Сасыкбаев).

**ИЙМЕКЕЙ-ЧИЙМЕКЕЙ** Сызыктары, чий-

мелери каршы-терши, оймо-чиймелери өтө татаал. *Аскардын өзү чоң болгондогу тарткан картасын көр: иймекей-чиймекей бирдеме* (Сыдыкбеков).

**ИЙМЕН** Ызат кылып сыйлоо иретинде тартынган мамиле кылуу, адеп сактап айбыккан, ызааттуу мамиледе болуу, уялып жазгануу. *Жамийла энелеринен иймөнип, аларды сыйлачу, бирок өзү туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырчу эмес* (Айтматов). *Көсөл тил алгыч, улуу кишилерден иймөнет* (Каимов).

**ИЙМЕНТ иймен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙМЕНҮҮ иймен** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙМЕНЧЭЭК** Уялчаак, ызаттуу, адептүү, адеп сактап ийменген. *Булар кыргыздын ийменчээк кыздары болуп чыкты* (Сыдыкбеков). ‖ Тартынчаак, жазганчаак, чечкиндүү эмес. *Ийменчээк болсо боз балдар, Сүйгөнүнөн кур калат* (Токтогул).

**ИЙМЕҢ** *элес.* Абдан ичке, абдан арык дененин баскан-турганын, бурала, толгоно тарткан кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Иймең этип бурула берди. Иймең-иймең жүгүрүп жөнөдү.*

**ИЙМЕҢДЕ** Иймең-иймең эткен кыймыл-аракетте болуу, илминдөө.

**ИЙМЕҢДЕТ иймеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙМЕҢДӨӨ иймеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙНЕ** 1. Тигүү, сайма саюу сыяктуу иштерде колдонулуучу буюм. Бир учуна жип өткөрүлүүчү көзчөсү бар, экинчи башы абдан учтуу ичке металл. *Колу чебер аялдын, Учугу түшпөйт ийнеден* (Алыкулов). *Ийне көзүнөн сынат, Адам сөзүнөн сынат* (макал). 2. Тикенек, шибеге сыяктанган ар кандай ичке учтуу нерсе. *Патефондун ийнеси. Примустун ийнеси.*

**ИЙНЕ ЖЕГЕН ИТТЕЙ** Абдан арыктаган, кынжыйган өтө арык. *Азыгы түгөнөрү менен ийне жеген иттей илмийди* (Ашымбаев). *Ийне жеген иттей болуп, санаа азабын тартып, ичинен тынып кыңырылат* (Осмоналиев). **В.: Ийне жуткан иттей.**

**ИЙНЕ ЖОГОЛДУ** Көзүн жумуп турган бирөөнү башка бирөө келип чертип кетип, көзүн жумган бала аны табуу керек болгон балдар оюну.

**ИЙНЕ ЖОГОТСОҢ ТАПКЫДАЙ** Түнкү жарык, аябай жарык. *Ийне жоготсоң тапкыдай жер бети күндүзгүдөй* (Айтматов).

**ИЙНЕ ЖУТКАН ИТТЕЙ** *к.* **ийне жеген иттей.**

**ИЙНЕ МЕНЕН КУДУК КАЗГАНДАЙ** Абдан оор, өтө татаал. *Илимий иш – ийне менен кудук казгандай кыямат нерсе* (Бердикеев). *Илим ийне менен кудук казгандай, Сатибекке жакшы сөз айтып, жылуу мамиле менен жардамдаш болуңуз* (Тойбаев).

**ИЙНЕ САЙЫЛАР ЖЕРИ ЖОК** *же* **ийне сайылар жери калбоо** Абдан эскирип тытылуу, жамап-жаскоого мүмкүн болбой калуу. *Кийим-кечектин такыр ийне сайылар жери калбады* (Абдукаримов).

**ИЙНЕДЕЙ** 1. Ийне сыяктуу. *Ийнедей кирпиктери тикирейди.* (Токомбаев). 2. Өтө аз, кичине, кымындай, тырмактай. *Ийнедей пайдасы жок. Ийнедей жардамы жок.*

**ИЙНЕ-ЖИБИНЕ ДЕЙРЕ** *к.* **ийне-жибине чейин.**

**ИЙНЕ-ЖИБИНЕ ЧЕЙИН** Майда-чүйдөсүнөн бери, эч нерсесин калтырбай, бүт баардыгын. *Ал төкпөй-чачпай, ийне-жибине чейин алаканга салып айтып берип жатат* (Египалиев). *Редакцияга келгенде аны менен ийне-жибине чейин маектештик* («Ленинчил жаш»). *Наристе айылдагы көргөндөрүн ийне-жибине чейин аңгемеледи* (Борбиев). **В.: Ийне-жибине дейре.** *Ал мурда жазылган, айтылган жана көкүрөктө уюп ачыла элек эмнелери бардыгын ийне-жибине дейре узакка баарлаша сурамжылады* (Бейшеналиев). **Ийне-жибинен бери.** *Ишти ийне-жибинен бери териштирип, эч бир фактыларын далилдей албайт.*

**ИЙНЕЛИК** Дене түзүлүшү сүйрүрөөк келген, ичке, канаттары абдан жука чымынчиркейдин бир түрү. *Токтой калып ойт берип, Ийнелик жүрөт дырылдап* (Жантөшев).

**ИЙНЕНИН КӨЗҮНДӨЙ** Эң эле кичинекей, тырмактай, кенедей, өтө кичине. *Ийненин көзүндөй иш үчүн мени убара кылбай эле койсоң болмок* («Ала-Тоо»). *Ийненин көзүндөй жерден кантип өттү экен?* («Чалкан»).

**ИЙНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТКӨРҮҮ** Абдан катуу кыйноо, азап чектирүү, катуу, катаал сындан өткөрүү. *Мен эле болсом, Эргеш акеңди «ийненин көзүнөн өзүм өткөрөм» деп жүрүптүр* («Ленинчил жаш»). **В.: Ийненин көзүнөн, устаранын мизинен өткөрүү.** *Ийненин көзүнөн, устаранын мизинен өткөрөт бизди, манап тукуму* (Касымбеков).

**ИЙНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТҮҮ** Өтө эле эпчилдигин, куулук-шумдугун, шылуундугун көрсөтүү. *Каерге барсаң соодагерлер соймоңдоп ийненин көзүнөн шукшурулуп өтөт, ошолордун күнү туул жатат азыр.*

**ИЙНЕЧЕЛИК** Аз, тырмактай, кымындай, ийнедей. *Ийнечелик иштеген иши көрүнбөйт. Мен бирөөнүн ийнечелик да акысын жегеним жок.*

**ИЙНИ БҮТӨЛҮҮ** Кийми бүтөлүү, жыртык болбоо. *Бирок ийин бүтөлүп, курсак тоё элек* (Жантөшев).

**ИЙНИ КУБАНУУ** Жаңы кийим кийүү. *– Куттуу үйдөн куру чыкпайт, ийниң кубанып кетсин, баатыр, – деди Абыл* (Касымбеков).

**ИЙНИН КОПШОО** «Билбейм», «ким билет» деген мааниде ийнин күйшөө. *Бек ийнин*

*копшоп койду* (Каимов).

**ИЙНИН КУУШУРУУ** «Билбейм», «ким билсин» деген мааниде ийиндерин копшоп, куушурултуп коюу. *Анын сөзүнө тиги үч атчан ишенбей, ийиндерин куушуруп, бирин бири тиктешти* (Байтемиров).

**ИЙНИНДЕ БАШЫ БАР** Өз акылы өзүндө, акыл-эси ордунда. *Ийнинде башы бар ар бир адам ойлоно турган ойду айтып жатамын* (Бердикеев).

**ИЙНИНЕН ДЕМ АЛУУ** Абалы начарлоо, өтө оор абалда болуу, өлүм алдында туруу. *А тиги көзү алайып, ийнинен дем алат* (Жусупов). *Оорулуу көзү алайып, ийнинен дем алат* (Жусупов).

**ИЙРЕЙ** Бир аз ийилген түргө келүү, ийри-буйру абалга келүү, түз болбостон кыйшайып кетүү, ийри болуу. *Сыяда ийрейген четин таягын таянып терс басты* (Сыдыкбеков).

**ИЙРЕЙТ ийрей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙРЕЙҮҮ ийрей** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙРЕК I** 1. Терини өндөөгө ылайыкталып жасалган орокко окшош, мизи мокок курал. *Түшкөн экен колунан, Кемпирдин темир ийреги* (Тоголок Молдо). 2. *диал.* Орок.

**ИЙРЕК II** Ийрелендеген ийри, ийри-буйру. *Орусбек Кара-Күңгөйдүн адырын ийрек-ийрек сызыктар менен белгилеп, кой кашардын ордуна кичине төрт бурч койду* (Сыдыкбеков).

**ИЙРЕК** Кол өнөрчүлүктө терини иштетүүдө эки башы жумуру жыгачтан сапталып (50–60 см), ортосунда быдырлуу тиши бар аспап.

**ИЙРЕКТЕ I** Ийрек менен терини кыруу, өндөө.

**ИЙРЕКТЕ II ийреңде** менен бирдей.

**ИЙРЕЛЕНДЕ** Ийрең-ийрең этүү, ийреңдеген кыймыл-аракетте, ийри-буйру абалда болуу. *Чала жандуу жыландай, Ийрелеңдеп жүрөсүң* (Токобаев). *Улан ийрелеңдеп жатаканасын көздөй жылды* (Бейшеналиев). *Шаардын эки чети менен ийрелеңдеп агып жаткан чоң суулар бар* (Элебаев).

**ИЙРЕЛЕНДЕТ ийреленде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙРЕЛЕНДӨӨ ийреленде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙРЕҢ: ийрең-ийрең** Түз жүрбөстөн, ийри-буйру болуп жылган, ийрендеген кыймыл-аракетти, ичке, чабалыраак дененин кыйраңдаган көрүнүшүн, майрыя сылтып баскан же ийри-буйру болгон абалды билдирүүдө колдонулат. *Жылан ийрең-ийрең этип сойлоп жөнөдү. Ийрең-ийрең илмиңдей басты.*

**ИЙРЕҢДЕ** Ийри-буйру болуп кеткен көрүнүштө, ийрейе жылган кыймыл-аракетте болуу, кыйрандай басуу, ийрең-ийрең этүү. *Ийреңдеп өткөн чагылган, Жаркылдап учуп тынбады* (Токомбаев). *Кетчи деги ийреңдебей, өзүм эле бүтүрөм* (Айтматов).

**ИЙРЕНДЕТ ийреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙРЕНДӨӨ ийреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙРИ I** Кыйшык, түз эмес, ийрейген. *Атай гана эмес, чоң кишилер да ушу ийри жыгачты кунт коюп тиктешет* (Каимов). *Ийри таяк таянган, бөкчөңдөгөн бир кемпир келди* (Байтемиров).

**ИЙРИ II** *сүйл.* Ийирүү. *Отур алдагы ордуңа, жибиңди ийри* («Ала-Тоо»). *Дөө көп коюн бийик кара зоонун түбүнө ийрип келди* (Сыдыкбеков).

**ИЙРИ-БУЙРУ** Түз эмес, ийрелендеген, кыйшык, ийриленип кеткен жерлери көп. *Жол ийри-буйру болуп, бирде эңкейиш, бирде өр тартат* (Касымбеков). *Күлжандын астындагы аты коёндой секирип, ийри-буйру жол менен зымырап жөнөдү* (Байтемиров).

**ИЙРИ ЖАНУУ** Деми сууй түшүү, деси кайтуу, шагы сынуу, көңүлү калуу. *Чертип бер, абышка! Ыйманы ысык бала көрүнөт, ийри жанып калбасын* (Токомбаев). *Торунун топтон ийри жанып калды* (Сыдыкбеков). *Бул кандай? – деп Танабай эсеңгирей түштү. Анан акырындап иштин жайын түшүндү да, ийри жанып, деси кайтты* (Айтматов). **В.: Ийи жануу.** – *Не кааласа сураганын бергиле, ийи жанбасын* (Осмоналиев). **Деси жануу.**

**ИЙРИ-МУЙРУ ийри-буйру** менен бирдей. *Ийри-муйру жол.*

**ИЙРИ ОТУРУП, ТҮЗ КЕҢЕШҮҮ** Өз ара же ички наразылыгына карабастан ак ниет чыныгы кеңешин берүү, чын көңүлүндөгү пикирин айтуу, бирдиктүү кеңешке келүү, акылдашуу. *Бетке айтканга, ийри отуруп, түз кеңешкенге не жетсин* («Чалкан»). *Ушундай суроолордун тегерегинде ийри отуруп, түз кеңешүү керек* (Медетов). *Төлөмүш кечээ эле курортко кетпедиби, келсин, анан ийри отуруп, түз кеңешели* (Бердикеев). *Бул жерде ийри отуруп, түз кеңешер сөз болуп калды* (Ашымбаев).

**ИЙРИ ТАЯКЧАНДАР** Койчу-колоңдор. *Кыязы, а дагы ийри таякчандын бири го* (Даникеев).

**ИЙРИ ТУМШУК** Пайдага, олжого жакын, тамак-аштын үстүнөн чыгуучу. *Барган жеринен куру кайтпаган ийри тумшук күндөп-түндөп тактай-кирпичти уурдап ташып жүрүп, дагы бир үйдү чочойтуп алды* («Чалкан»).

**ИЙРИЙ ийрей** менен бирдей.

**ИЙРИЛ I** Ийри тартуу, ийри-буйру абалга келүү, кайрылуу ийриленүү. *Ийрилип аккан чоң өзөн, Ийнеде учук жипке окшойт* (Бөкөнбаев).

**ИЙРИЛ II ийир** этишинин туюк мамилеси. *Жүн тытылып, жип болуп ийрилип бүттү.*

**ИЙРИЛЕН** Ийри тарткан абалга келүү, ийри-буйру болуу. *Жол ийриленип отуруп кырга чыгат.*

**ИЙРИМ I** Ийикке ийрилген жиптин түр-

мөгү, жүндүн бир түрмөктүк түйдөгү ушундай өлчөм, чен. *Бир ийрим жип. Бир ийрим жүн.*

**ИЙРИМ II** Бир максат, иш үчүн уюшулган адамдар тобу, кружок. *Институттун адабий ийриминин мүчөлөрү менен шаардагы жаш акын-жазуучулардын жолугушуусу болуп өттү. Болот спорттук ийримдерге ынтаасы менен катышчу.*

**ИЙРИМ III** *туурасы:* **ирим.**

**ИЙРИН ЖАНДЫРУУ** Демин суутуу, демин кайтаруу, шагын сындыруу. *Айдардын ийрин жандырып сүйлөшпөй койгонуна Сабира чындап эле бушайман болду* (Сасыкбаев).

**ИЙРИТ ийир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙРҮҮ** 1. Ийикти чимириилтип, жүндү ичке-жоон чыйралтуу. 2. **ийир** этишинин кыймыл атоочу. *Секунд тынбай өрмөгүм, Ийрүү, токуу эрмегим* (Үмөталиев).

**ИЙСЕНДЕ** Кол серпип жаңсап, баш ийкектеткен, койкоктоткон кыймыл-аракетте болуу.

**ИЙСЕНДЕТ ийсенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙСЕНДӨӨ ийсенде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙСИН** Ийип, желинге сүтү толуп чыгуу, ийиген соң сүтү тээп чыгуу (көбүнчө кулунду тартып алгандан кийин). *Бээ ийсинип калды, тезирээк саагыла,– деди Кадыркул* («Ала-Тоо»).

**ИЙСИНТ ийсин** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЙСИНҮҮ ийсин** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЙҮҮ I ий II** этишинин кыймыл атоочу. *Морт жыгач ийүүгө келбейт, сынып калат.*

**ИЙҮҮ II ий IV** этишинин кыймыл атоочу. *Музоосун жыттаган сайын, уйдун сүтү балкылдап ийүүдө.*

**ИКАЯ** 1. Аңгеме, баян, кабар. *Алмамбет болгон мусулман, Анын икаясына Азыр кирип кетемин* («Манас» С.О.). *Уй мүйүз тартып отуруп алышып, колдорун жаңсай икаялар айтышчу. Согуш учурунда тигилер сээл тартты (Садыбакасов). С. Жигитовдун «Ит икаясы» повести – жумшак жана жайдары юмор менен турмуш акыйкатын кызыктуу чагылдырган кайталангыс чыгарма («Кыргызстан маданияты»).* 2. Күлкүлүү аңгеме. *Жазган сөзүм икая, Жакшы карап ойлогун* (Молдо Кылыч).

**ИКМЕТ** 1. Билим. 2. Сырдуу иш.

**ИКОНА** Христиандар сыйына турган кудай же олуялардын сүрөтү.

**ИКОНОГРАФИЯ** Живопись, скульптура чыгармаларында кимдир бирөөнүн сүрөтүн үйрөнүү жана ал жөнүндө толук жазып көрсөтүү.

**ИКОНОПИСЕЦ** Икона тарткан сүрөтчү.

**ИКОНОСКОП** Телекөрсөтүүдө иконаны көрсөтүү үчүн ылайыкталган электрдик-нурдук трубка, кинескоп.

**ИКОНОТЕКА** Ар кандай тематикага ылайыкталып сакталган жыйын, коллекция.

**ИКРА** 1. Балыктын, кээ бир суудa жашоочулардын таруу сыяктуу майда топтошкон жумурткасы, уругу. ‖ Тамак катарында колдонулуучу балыктын жумурткасы, уругу. 2. Жашылчалардан абдан майда тууралып жасалган тамактын бир түрү. *Баклажан икрасы.*

**ИКРАР ыкрар** менен бирдей. Макулдук, моюнга алуу. *Сен өз икрарың менен бердиң.*

**ИКС** 1. Латын алфавитиндеги «X» тамгасынын аты. 2. Математикада «x» тамгасы менен белгиленүүчү белгисиз сан, изделүүчү сан.

**ИЛ** 1. Бир нерсени асуу, асып коюу, кыстарып коюу. *Пальтосун чечип алып иле салды* (Токомбаев). *Ийнине илип койгон кайың укурук* (Осмонкул). 2. Илгичи бар нерселердин илгичин бекитүү, бекитүү үчүн илгичти өткөрүү. *Ызакул каалгасын илип жашыруун сүйлөштү* (Бейшеналиев). 3. Шап кармап кетүү, шамдагайлык, тездик менен шап кармап алуу. *Чаар бээнин кулунун Ошо келген кара куш, Чап гана илип кеткени* («Эр Төштүк»). 4. Айтылган сөздү, акыл-кеңешти ж.б. тез түшүнө коюу, кабыл алуу, эске, көңүлгө тутуу. *Акылың болсо билерсиң, Айтканым түгөл илерсиң* (Токтогул).

**ИЛААЖЫ** *туурасы:* **ылаажы.**

**ИЛААЙЫМ, ЫЛАЙЫМ** 1. О жараткан, о кудай, о алла! (түпкү мааниси). 2. *өт.* (Кудайдан болуп) ар дайым, ар качан же тескерисинче такыр, таптакыр. *Ылайым ишиң оңолсун. Ылайым ооруба. Ылайым барганыңдан келбей кал!*

**ИЛАРС** Кездеменин бир түрү, чыт сыяктуу. *Кызыл иларс көйнөгүнүн этегин кыстарынып коюп* (Мавлянов).

**ИЛАТИВА** *диал.* Келин-кыздар мурдунун бир таноосуна тагынуучу кичинекей алтын сырга. *Илативаң тилладан, Дагыңда күйөт кыйла жан (Барпы).*

**ИЛАЯ ШҮГҮР** Алдага алкыш, кудайга ыраазы болуу, Кудайдын бергенине каниет кылуу, Кудайдын ырайым кылганына алкыш айтуу. *Жерим эркин жай болдум, Илая шүгүр кудайга, Жергемден озгон бай болдум* («Манас»).

**ИЛБЕРИҢКИ** Элпек, кыймыл-аракети жеңил. *Ашыр илбериңки, бышык болуп өстү* (Сыдыкбеков). *Күлай иштен жадабаган, түйшүктөн качпаган илбериңки, чымыр келин болучу* («Ала-Тоо»). *Илбериңки желаргынын кыймылы, эрий түшүп закымдарга кошулуп* (Р. Карагулова).

**ИЛБЕРИҢКИЛИК** Элпектик, шамдагайлык, илбериңки кыймыл-аракет. *Ысман атасынын сунушун илбериңкилик менен орундай баштады* (Токомбаев).

**ИЛБЕСИН** *туурасы:* **илбээсин.**

**ИЛБИ** *диал.* Илкүү, илкий басуу.

**ИЛБИРС** 1. Мышыктар түркүмүнө кирүүчү

темгил-темгил тактары бар абдан шамдагай ири жырткыч. *Карышкыр, илбирс, сүлөөсүн, Капканыңа чабылган* (Токтогул). 2. Ушул айбандын терисин жана терисинен жасалган буюмдарды билдирүүдө колдонулат. *Керегеде илинген карышкыр, илбирс ичиктер турат* («Жомоктор»).

**ИЛБЭЭСИН** Эти желүүчү бардык жапайы куштар, аңчылык кылына турган жапайы канаттуулар. *Илбээсини көлдөрдүн, Кошо бүткөн эмедей* («Семетей»). *Этине келсе эпилдеп, Илбээсин издейт ылаачын* (Осмонкул), *Тоо жериндеги илбээсиндер, эчки, теке, кулжа, элик сыяктуу жапайы айбандар түгөнбөс кенч эмеспи* (Абдукаримов).

**ИЛГЕР** Айла-амалдуу, куулук, арамза, кытмыр.

**ИЛГЕРИ** 1. Мурун, мурда, бир кездерде, өткөн убакта. *Бул окуя мындан алты күн илгери болгон* (Жантөшев). *Илгери бирөө тоодон карагай сүйрөтүп келатса, карагайдын тумшугу дөмпөйгөн кумурсканын уюгуна тиет* (Сыдыкбеков). *Мындай турмуш күткөндү, Көрбөдүм эле илгери* (Тоголок Молдо). 2. Алдыга, алды жакка, алды жакты көздөй. *Илгери кетишкен кыздар кыштакты аралап калды* (Сыдыкбеков). *Дагы илгери басып тура калдым* (Жантөшев). 3. Жаш жагынан жогору, улуу. *Зарык Гүлнардан толук төрт жаш илгери эле* (Сыдыкбеков). 4. Өйдө, жогору, жакшы. *Жаман – кишиден кийин, иттен илгери* (макал).

**ИЛГЕРИ-КИЙИН** 1. Бир кылка эмес, бири алдыда, бири артта, тегиз эмес, иретсиз. *Катардан илгери-кийин тургандар түзөлүштү.* 2. Мындан кийин, экинчи жолу, дагы бир кездерде, *Илгери-кийин дагы сөз болбосун.*

**ИЛГЕРИЛЕ** 1. Алга жылуу, алга жөнөө, алдыга чыгуу, илгери жылуу. *Акбар бир аз илгерилегенде, алдынан салт атчан бир нече адам чыга келди* (Убукеев). *Келе жаткан топтон бирөө илгерилей басып келди* (Жантөшев). 2. Өсүү, жогорулоо, ийгиликтерге жетишүү, жакшыруу, алга умтулуу, өркүндөө. *Окуусу күндөн-күнгө илгерилеп келе жатат.*

**ИЛГЕРИЛЕТ илгериле** этишинин аркылуу мамилеси. *Ушул темпиңди жазбай ишиңди илгерилете бер* («Ала-Too»).

**ИЛГЕРИЛӨӨ илгериле** этишинин кыймыл атоочу. *Машина зымырап улам илгерилөөдө* (Сыдыкбеков).

**ИЛГЕРКИ** 1. Алдыңкы, алдыдагы, алды жактагы. *Илгерки көчкө жеттик.* 2. Мурунку, өткөн замандагы, мурдагы, байыркы, көп убакыт мурунку. *Анда молдо айтыңыз, Илгеркинин, эмкинин, Айырмасы кандайча* (Тоголок Молдо). *Илгеркинин алпы көп, алпынан да калпы көп* (макал). *Илгерки тааныш жерине, Имерип келип кондурду* (Бөкөнбаев).

**ИЛГЕРТЕДЕН илгертен** менен бирдей. *Илгертеден айтылып келе жаткан жомок.*

**ИЛГЕРТЕН** Мурдатан, мурдатан бери, качантан бери, эчактан бери. *Илгертен бери эле кара чыйырчыкты пайдалуу дешет* (Сыдыкбеков). *Мен аны илгертен бери билем* (Жантөшев).

**ИЛГИР I** 1. Алгыр, кыраан. *Абдан илгир куш.* 2. Шамдагай, кыймыл-аракети тез, ыкчам. *Чын эле, Самар илбирстен илгир* (Таштемиров). *Кыргыйдан илгир болсун деп, Кылыч тактым жаныңа* («Курманбек»).

**ИЛГИР II кылгыр** менен бирдей. *Көзүнүн жашы илгирип турат.*

**ИЛГИРТ иргилт** менен бирдей. *Көзүнүн жашын илгиртип, Төгүп калган Желмаян* («Манас»).

**ИЛГИЧ** 1. *диал.* Кур, тогоосу бар кайыш кур. *Устанын белинде кайыш илгичи бар* (Баялинов). *Эмнегедир белин чечип, илгичин колуна кармап алган* (Сыдыкбеков). 2. Эшикти ичинен илип беките турган же жалпы эле илип бекитүү үчүн ылайыкталган бекиткич, илмек. *Арнамызов каалганын илгичин чыгарды* (Убукеев). 3. Суу көтөргүч, ийиндегич, апкөч. *Ийиндеги илгичине кош чака көтөрүп келаткан кызыл көйнөк кыз көрүндү* («Ала-Too»). ‖ Апкөчтин эки жак башындагы чака иле турган иймек темир. 4. Кийимди же жалпы эле бир нерселерди илип коюуга ылайыкталып металлдан, жыгачтан ж. б. жасалган ар кандай илмектүү нерсе. *Айым илгичтен, көйнөк-көнчөктөрүн чыгарып чемоданга салды* («Ала-Too»). *Үстүндөгү кемселин чечип илгичке илди* («Ала-Too»). 5. Илип коюу үчүн ылайыкталып кийимдин жакасынын желке тушуна тигилип коюлуучу илмеги. *Пальтосунун илгичи үзүлгөнү араң турат.* 6. Алгыр, илгир, шамдагай. *Кыргыйдан кыраан илгич бол, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**ИЛГИЧТИК** Алгырлык, шамдагайлык. *Илбирстей илгичтигине баракелде* (Бейшеналиев). *Мышыкча илгичтик менен жыланды шилиден чымчыдым* (Сыдыкбеков).

**ИЛДАЛДА** О кудай, о алла, о теңир! Арабдын «иллаллах» дегенинен өзгөргөн. Кыргыздын тилинде эки «л» тыбышы катар айтылган эмес. Ошон үчүн «аллох» деген сөз «алда» болуп калган.

**ИЛДЕКЕР** Айла менен алдоо, айлакер, алдамчы, куу. *Жумуш кылсаң мудаа кыл, Иштеп кетпе илдекер, Кара санап бирди алсаң, Колуңуздан миң кетер* (Токтогул).

**ИЛДЕТ** Оору, дарт. *Гүлайым кунтун коюп угуу менен илдеттин аттарын, диагнозду такып сурайт* (Бейшеналиев). *Бир ай дарылансаң, бардык илдетиң жоголот* (Жантөшев).

**ИЛДЕТТҮҮ** Оорулуу, дарттуу, илдети бар, оорусу бар.

**ИЛДИР ил** этишинин аркылуу мамилеси. *Асыл кийимдерин көрүнө жерге илдире баштады* (Жантөшев).

**ИЛЕ** Айла, амал, куулук менен иштелген иш, ык. *«Арзандан илээ чыгат» – деп,*

*Ааламдын сырын текшерип* («Эл адабияты»). *Илбирс менен жолборсту, Илесин таап кыйраткан* (Тоголок Молдо).

**ИЛЕБИ ЖЫЛУУ** Сүйкүмдүү, уккулуктуу. *Калайык, ийри отуруп Тоголок Молдонун сырын уктук, илеби жылуу ырын уктук* (Бейшеналиев). *Илеби жылуу сөз айтып көңүл көтөргөнүңө ырахмат, досум* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЛЕБИ КАЙТУУ** 1. Бир аз муздай түшүү, салкын тартуу. *Кичине илеби кайтсынчы, ысык экен деди* («Ала-Тоо»). *Садагалар келгиле, камданалы, күндүн илеби кайтып калды* («Ала-Тоо»). 2. Ийи жануу, көңүлү калуу, шагы сынуу. *Бекер кылдың, жаш неменин илеби кайтып калды* («Ала-Тоо»). *Чоң үмүт менен келген келиндин илеби кайтып, шаабайы сууду* («Ала-Тоо»). **В.: илеби суйй түшүү.** *Анан Төлөмүш менен Суусардын кабак-кашын байкай берип, илеби суйй түштү* (Бердикеев). *Кантсе да батаны оозанганда делебеси козголуп, каны кайнап, кекти кимден чыгаараарын билбей турган кишилердин илеби суйй түштү* (Үмөталиев).

**ИЛЕБИЗ** *диал.* Кеп, сөз. – *Кайып! – деди сырттан эле кыйкырып, – Бери чык! Кана сенин илебизиң? Сенин илебизиңе куда күбө, отургандар күбө! Куран алдында бата тартпадык беле?* (Абдыраманов).

**ИЛЕБИН КАЙТАРБОО** *к.* **илебин суутпоо.**

**ИЛЕБИН КАЙТАРУУ** 1. Суутуу. 2. Көңүлүн калтыруу, көңүлүн оорутуу, шагын сындыруу, капа кылуу. *Абыл бөбөгүнүн илебин кайтарчу эмес* (Таштемиров).

**ИЛЕБИН СУУТПОО** Көңүлүн калтырбоо, шагын сындырбоо. *Букарбайдын илебин суутпай, ара-чолодо отура калып кыш ичинде ушу дептер толгончо жазып берерине күмөндөр эмесмин* (Бейшеналиев). *Жалий илебин да суутпай, тилегин да катырбай табышмактуу сыноо менен жымыйды* (Бейшеналиев). **В.: Илебин кайтарбоо.** *Тоголок Молдого табыштаса, биздин илепти кайтарбас* (Бейшеналиев).

**ИЛЕБИНЕ ДАН БЫШУУ** Күч-кубаттуулук, болуп-толуп туруу, бардыгы ойдогудай, менменсиген абалда болуу, арааны жүрүп туруу. *Азыр анын калчаган чүкөсү алчы конуп, илебине дан бышып турган кези* (Сыдыкбеков). **В.: Илебине нан бышуу.** *Бийдин илебине нан бышып турган чагы эле* («Чалкан»). *Илебине нан бышат, Камчы басып атына, Төмөн карай жарышат* («Эр Табылды»). *Илебине нан бышып, ташы жогорулаган мырзанын жергиликтүү жан жөкөрлөрү барган сайын арбып-дарбууда* (Бейшеналиев). **Илебине дан бышпоо.** *Ал мурункудай эмес, өзүнчө кыял күтүп, илебине дан бышпай калыптыр.* **Илебинен от жануу.** *Эмитен илебиңен от жанат, башкаларды да өрттөп, өзүң да өрттөнүп кетпесең болду* (Бейшеналиев). **Илебинен от тутануу.** *Илебинен от тутанып кутурган Калпа ажы Мырзабектин бой тарткан кызын алтынчы аялдыкка алды* (Бейшеналиев).

**ИЛЕГЕН** 1. Дагара, чылапчын. 2. *диал.* Поднос, табак.

**ИЛЕГЕР I** Дарыгер, табып, илечил, илим – билимдүү. *Илегерди алдырып, Жаратка дары салдырып.* («Манас» С.О.).

**ИЛЕГЕР II** Илелүү, айлалуу, амалкөй, айлакер. *Илегер неме.*

**ИЛЕГИЛЕК** Буттары тартайган, тумшугу узун, чоң келгин куш. *Кара кунас, көк кытан, Илегилек, чөкө таан, Кызыталак жырткычтан, Кырылып кетти канча жан* (Тоголок Молдо).

**ИЛЕК I** 1. Жүз миң. 2. Сансыз, эсепсиз көп. *Кытай илек, мен жалгыз.* («Манас» С.К.). *Болжолсуз Чүрөк сен үчүн, Чачпасам илек малымды* («Сейтек»). *Атамдын арбын дүйнө, илек мал, Ушул аштан түк калбай, Ада болуп калсын деп* («Эр Төштүк»). *Калың илек зор колду, Жекеге өзү баштаган* («Сейтек»).

**ИЛЕК II: көзгө илек болбоо** Көзгө көрүнбөө, көздөн далдаа болуу. *Көзгө илек болбой, бастырып кетсеңиздер.*

**ИЛЕКЕР** 1. **илелүү** менен бирдей. 2. Дарыгер. *Жети илекер жыйналып, Жарага дары жабышты* («Манас»).

**ИЛЕКЕРЛИК** Амалдуулук, амалкөйлүк. *Тынчы кетип турган кара көзүнөн илекерликтин көлөкөсү көрүнгөнсүйт* (Абдукаримов).

**ИЛЕКИ** *диал.* Элечек. *Бир жүк кылып илеки ороп башына* (Үмөталиев).

**ИЛЕКОР** Согуш ишинде амалкөй, айлакер, илелүү. Согуштун жол-жобосун жакшы билген акылман адам. *Беттеше албай бекинген, Илекор жетим ал экен* («Эр Табылды»).

**ИЛЕКТЕ** *сейр.* Сансыз көп болуу, эсепсиз көп болуу. *Болоттон айза аштаган, Илектеп түмөн кол чыкса, Бир адамдай баштаган* («Сейтек»).

**ИЛЕЛҮҮ** Айлакер, амалдуу, айлалуу, ыкмалуу, амалкөй. *Илелүү балбан.*

**ИЛЕҢ-САЛАҢ** 1. Араң, эптеп-септеп кыймылдаган, илээлеген абал. *Уруя кабагын чытып илең-салаң бут шилтеди* (Бейшеналиев). *Капсалаң ордунан илең-салаң козголуп, үйүнө жылып жөнөдү* (Бейшеналиев). 2. Ары же бери кылбай, бир тыянак чыгарбай созо берген, көпкө сүйрөгөн абал. Оору. *Илең-салаң кылбай бүтүрсөңчү. Оорусу айыкпай, илең-салаң болуп жүрөт. – Балдарым, өзүңөр көрүп турасыңар, атаңар илең-салаң болуп, жакшы жөнүгө албай койду* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЛЕП I** 1. Күндүн, ысыктын ж.б. табы, эпкини, таасири, чыккан дем. *Купкуу талаа, күн куйкалап ысык илебин чачат* (Шүкүрбеков). *Күн кечтей бергенде кара сууктун илеби балдарды бир аз ичиркентти* (Сыдыкбеков). *Зуура эшикти түрткөндө үйгө*

*салкын желдин илеби сокту* (Каимов). 2. *өт.* Дем, кайрат, ынтаалуу күч, демилге. *Өчпөс кызыл жалындай, Жаш өмүрдүн илеби* (Нуркамал). *Жаштык жалындын илебин карылардын жүрөгүнө сүрткөндөй.* 3. *өт. сейр.* Кичине эле ооздон чыккан сөз, кеп. *Адамга суук илеби тийбеген* (Сыдыкбеков). *Ооздон илеп чыгарбай айткан маалында даярдап койсо, колхозчулар кантип сүйүнбөсүн* (Таштемиров).

**ИЛЕП II** Эрин. *Сырдашсак, арман бөлүнөт, илебиң жука көрүнөт. Өнөрүң болсо өргө чап! Тартынбай балам сырыңды айт (Токтогул).*

**ИЛЕП III** Жуурkан-төшөктүн жээги, чеги.

**ИЛЕП БЕЛГИСИ** *грамм.* Илептүү сүйлөмдүн аягына коюлуучу тыныш белгиси (!).

**ИЛЕПТҮҮ** 1. Таптуу, илеби бар, эпкини бар. *Илмеңдеп учкан камгактар, Илептүү желге куудурайт* (Токомбаев). 2. *өт.* Демдүү, кайраттуу, курч, демилгелүү. *Аппак сакал касиеттүү чалдарың, Арстан айбат, от илептүү балдарың* (Токомбаев).

**ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ** *грамм.* Ички сезимди билдирип, ураан чакырганда, кубанганда, өкүнгөндө ж.б. айтылуучу сүйлөм.

**ИЛЕЧИЛ илелүү** менен бирдей. *Көзгө аткан мергендерден, ишенимдүү баатырынан, илечил акылынан, жарактары мыктысынан үч миң кол алып калып, кеңешке киришишти* («Эр Табылды»).

**ИЛЕШ** *туурасы:* **илээш.**

**ИЛИК I** Тууган, жек-жаат, тууган-туушкан. *Алыс жолго чыккан жолоочулар кеч киргенде илик кубалап конору эзелки салт* (Сыдыкбеков). *Кай бири жүк жүктөгөн топоз минип, Жайма-жай кобурашып издеп илик* (Токомбаев).

**ИЛИК II** Кандайдыр бир кабар, дайын, дарек. *Илиги жок жоголду.*

**ИЛИК III** *сейр.* Илмек, илгек, илгич.

**ИЛИК IV** *грамм.* Жөндөмөнүн аты. *Илик жөндөмөсү.*

**ИЛИК V** Унаа, ылоо. *Жалгыз илик көк чолок, Жандоого кантип чабамын* (фольк.).

**ИЛИК-ЖАРМА** Анча-мынча туушкандыгы бар, кыйыр тууган-туушкан, алысыраак жек-жаат. *Айтор ошолордун бир илик-жармасы* (Жантөшев). **В.: илик-жилик.** *Илик-жилик, дос-тамыр, куда-сөөк күтүүнү аксакал өзү көп биле бербейт* (Убукеев).

**ИЛИККЕ АЛБОО** Көңүл бөлбөө, назар салбоо, катарга кошпоо. *Дүр зулум анын дилиндеги адал аракетин айкындаган датын иликке албай чыртылдап ызырынды* (Бейшеналиев).

**ИЛИКТЕ** 1. Дайнын, түбүн, тегин, кайдан чыккандыгын, себебин ж.б. билүү, табуу максатында сурамжылоо, териштирип суроо, сураштырып издөө. *Турумбектин үйү кайсы деп иликтепсиң, уктум* (Сыдыкбеков). *Табылдынын тегин иликтей келсек: ал Зарылдын атасы Бектурдан улуу Кундуз деген ажесинен* (Сыдыкбеков). 2. Изилдөө, изилдөө иштерин жүргүзүү. *Шарип менен Сапар машина иликтеп жөнөштү* (Бейшеналиев). *Бул анын көптөн бери иликтеп жүргөн темасы.*

**ИЛИКТЕЛ иликте** этишинин туюк мамилеси.

**ИЛИКТЕТ иликте** этишинин аркылуу мамилеси. *Каныбекти иликтетип көрүңүз* (Жантөшев).

**ИЛИКТЕШ иликте** этишинин кош мамилеси.

**ИЛИКТӨӨ иликте** этишинин кыймыл атоочу. *Иликтөөгө алуу. Иликтөө жүргүзүү.*

**ИЛИКТР** *сүйл.* Электр. *Көчөсүндө иликтр, Күйгөн элди карачы* (Токтогул).

**ИЛИМ** 1. Коомдун жана жаратылыштын өнүгүшүндөгү закон ченемдүүлүгүн жана айлана-чөйрөгө таасир кылуу жолдорун ачуучу билимдердин, маалыматтардын системасы. ‖ Ушул билимдердин айрым тармагы. *Филологиялык илим. Табият илими.* 2. Билим, маалымат, окуу. *Бегалиев балдарыбыз илимди негиздүү алышы үчүн көрүлө турган чараларды баяндады* (Сыдыкбеков). *Илим издеп кеткен элем алыска* (Токомбаев).

**ИЛИМДИН КАНДИДАТЫ** Окумуштуулук даража, ал жогорку билимдүү, кандидаттык диссертациясын эл алдында коргогон жеке адамдарга берилет.

**ИЛИМДҮҮ** Окумуштуу, билимдүү. *Илгери карай умтулган, Илимдүү чыкты жаштардан* (Осмонкул).

**ИЛИМИЙ илим** дегенге таандык. *Наргиза – ага илимий кызматкер. Илимий маселе. Жазуу столунун үстүндө айыл чарба иштери жөнүндөгү илимий китептер жатат* (Жантөшев).

**ИЛИМИЙ-ФАНТАСТИКАЛЫК ЧЫГАРМА** *адаб.* Илим менен техниканын кийинки өсүшүнө байланыштуу али боло элек окуялар жөнүндө ойдон чыгарылып жазылган чыгармалар.

**ИЛИМПОЗ** Окумуштуу, илим, илимий кызматкер. *Шарип тез эле даражалуу илимпоз болуп өсүп чыгат* (Бейшеналиев).

**ИЛИН ил** этишинин өздүк мамилеси. *Жуурат куйган чаначтар, Канжыгага илинди* (Токомбаев).

**ИЛИНҮҮ** Илинген абалда, илинип коюлган. *Керегеде керилүү, илгичтерде илинүү турган кызыл-тазылдары да арбын экен* (Убукеев).

**ИЛИНЧЕК** 1. Тоскоол, жолтоо, кедерги. *Эми райондо кылдай илинчегим калган жок* (Касымбеков). 2. Күнөөсү, кандайдыр бир ишке катышы, байланыштуу жагы бар экендигин белгилөөчү себеп, шылтоо, факт. *Бул кылмыштуу иште илинчеги бар экендиги аныкталды.*

**ИЛИНЧЕКТҮҮ** Тиешелүү, байланыштуу, илинчеги бар. *Мырзабай да бул өз оокатын өзү кылган Кулбашка эптеп эле бир илин-*

*чектүү шылтоо издеди* (Абдукаримов). *Илинчектүү эч нерсе таба албаган соң жандарм аларды коё берди* (Баялинов).

**ИЛИШ ил** этишинин кош мамилеси.

**ИЛИЯС** Куранда аталган пайгамбарлардын бири, Библиядагы Илия, мусулман уламыш боюнча Илияс Мукамбеттен мурун өткөн пайгамбарлардын бири. *Кадыр Илияс кырк чилтен* («Манас» С.О.).

**ИЛКАМ** *туурасы:* **илхам.**

**ИЛКИ** Кыбырап жай жүрүү, илээлеп акырын басуу, акырын кыбыраган абалда болуу. *Ашым ого бетер ыкшоолоно илкийт* (Касымбеков). *Кулбаш аксакал илкий басып отуруп Култайдын үйүнө да жетти* (Абдукаримов).

**ИЛКИП-КАЛКУУ илкип-салкуу** менен бирдей. *Илкип-калкып басып отурушуп, аны медпунктка жеткиришти* (Каимов).

**ИЛКИП-САЛКУУ** Өтө жай, илээлеп араң кыбыраган абалда болуу, эптеп-септеп, илеңсалаң кыймылдаган көрүнүштө, аракетте болуу. *Арабакеч илкип-салкып көмүр жеткиргенче кочегардын уйкусу абдан канат* (Сасыкбаев).

**ИЛКИТ илки** этишинин аркылуу мамилеси. *Экөө үй четинде илкитип бастырып жүрүштү* (Бейшеналиев).

**ИЛКҮҮ илки** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛЛАЛДА** *дин.* Кудайга жалынып, кудайга кайрылуу иретинде «о кудай» деген мааниде колдонулат, *Иллалда деп олтурат, Байгамбардын жолунда* (Токтогул).

**ИЛЛАЛЛА иллалда** менен бирдей. *Башка кыргыз болсо, иллалла чалдырып, үйүнө бакшы ойнотот эле* (Сыдыкбеков).

**ИЛЛЮЗИОНИЗМ** 1. Белгилүү багыттары жаңылышуу, адашуулар, жалган, жаңылыш көз карашты, түшүнүктү чындыктын ордуна кабыл алуучулук. 2. *сүр.* Алдоо, «мыйыгынан жылмайуу». Көркөм искусство тарыхында кээбир доорлор менен стилдерге мүнөздүү жана сырткы жандуулугу менен чындыкка окшоштугу бар, иллюзияга жакын көркөм сүрөттөлгөн түшүндүрүү.

**ИЛЛЮЗИЯ** 1. Сезим алдоосунун негизинде чыныгы нерсенин бурулуп көрүнүшү же кабыл алынышы. 2. *өт.* Элесте гана болуучу нерсе, кыял, иш жүзүнө ашпай турган үмүт, таттуу кыял.

**ИЛЛЮМИНАЦИЯ** Кандайдыр бир салтанат же майрамга карата үйлөрдү, көчөлөрдү түрдүү түстөгү лампочка ж. б. менен кооздоп көрсөткөн жарык. *Мен миң кубулган иллюминацияны көпкө суктанып тиктеп турдум* (Шимеев).

**ИЛЛЮСТРАТОР** Китеп, журналдарды жасалгалоочу сүрөтчү.

**ИЛЛЮСТРАЦИЯ** Түшүнүктүү, көрсөтмөлүү болуу үчүн берилген сүрөт же келтирилген мисал.

**ИЛЛЮСТРАЦИЯЛА** Түшүнүктүү болуу максатында сүрөттөр менен жабдып көрсөтүү, көрсөтмөлүү кылуу, көрсөтмө куралдарды пайдалануу.

**ИЛЛЮСТРАЦИЯЛОО иллюстрацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛМЕ илме шибеге** менен бирдей. *Илме менен сайдырган, Сайма сатты, кайран эл* (Шайбеков).

**ИЛМЕ КАЙЫП** *дин.* Бардык нерседен кабардар, бардык нерсенин сырын билүүчү деген маанидеги кудайдын сыпаты. 2. *өт.* Сырдуу, акыл жеткис деген мааниде. *Байымбет кандайдыр илме кайып эбеп-себеп кабылткан бул бакытка өзүнчө балкууда* (Бейшеналиев). *Ботодой моймолжуган көздөрү ич жылытып, илме кайып сырдуу карaганда, кандайдыр бир мерез жүрөк болсо да бир болк этет (Үмөталиев).* 3. Арсар, болор-болбосу белгисиз, ачык эмес, өлчөөсүз, болжолсуз, табышмак сыяктанган нерсе. *Эми кайрылып көрүшөр-көрүшпөсү илме кайып* (Сыдыкбеков). *Эгерде учкан кушту бир жолу колуңан чыгарсаң, кайра айланып келери илме кайып иш* (Каимов).

**ИЛМЕ САЙМА** Илме шибеге менен сайылчу кыргыздын элдик саймасынын нукура түрү.

**ИЛМЕ ШИБЕГЕ** Жиптен тор же башка нерселерди согуу ишине колдонулуучу учу илмектүү шибеге.

**ИЛМЕДОС** Ийне сайманын бир түрү, мында саюучу учукту жердиктен ичке алат.

**ИЛМЕЙ илмий** менен бирдей. *Сатар илмейип арык* (Бейшеналиев).

**ИЛМЕК** 1. Эшикти, дарбазаны ж.б. илип бекитип коюу үчүн ылайыкталып жасалган бир учу иймек илгич. *Аял эшиктин илмегин чыгарар замат артына кетенчиктей түштү* (Абдукаримов). 2. Өткөрүлгөн бир учунан тартканда оңой чечилип кете тургандай кылып алкак түрүндө байланган байлоонун бир түрү. *Ботинканын боосун илмек кылып байлоо. Илмегинен тартып чечүү.*

**ИЛМЕКТЕ** 1. Илмегин илүү, бекитүү. 2. Оңой чечилгендей кылып жиптин бир учун иле байлоо, илмек байлоо.

**ИЛМЕКТӨӨ илмекте** этишинин кыймыл атоочу,

**ИЛМЕҢ: илмең-илмең** Абдан арык, илмийген адамдын баскан-турганын же ичке көрүнүштөгү нерсенин тез-тез кыймылын билдирүүдө колдонулат. *Илмең-илмең жүгүрүү.*

**ИЛМЕНДЕ** Абдан арык, ичке көрүнүштө болуп бат-бат кыймылдоо, илмең-илмең этүү, илминдөө. *Илмеңдеп майда балдар чуркап калды* (Токомбаев). *Бектурган илмеңдеп аялдын жанына барды* (Токомбаев).

**ИЛМЕНДЕТ илмеңде** этишинин аркылуу мамилеси. *Болот калем менен илмеңдетип бирдемени жазып отургансыйт* (Токомбаев).

**ИЛМЕНДӨӨ илмеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛМИГИЙ** Абдан арык, илмийген ичке. *Илмигий бала.*

**ИЛМИЙ** Абдан арык, ичке, чабал көрү-

нүштө болуу. *Колдору сынып кетчүдөй илмийип ичке.*

**ИЛМИЙТ илмий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЛМИЙҮҮ илмий** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛМИНДЕ илмеңде** менен бирдей. *Илмиңдеп тез-тез басуу.*

**ИЛҮҮ ил** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛҮҮЛҮҮ** *сүйл.* **илинүү** менен бирдей.

**ИЛХАМ** *адаб.* Чыгармачылык дем, поэтикалык эргүү. *Оюндун бир буроосу жетпей турат, ошону ыгын таап бураш керек. Илхамың күү ыргагын чертпей турат, ыр сабын дил сабына бураш керек* (Байзаков). *Бул адамдын илхамы, кубанычы, күйгөндө акыл айтары, алдына ыйлап берери букара элдин ичи* (Касымбеков).

**ИЛЭЭЛЕ** Акырын, жайбаракат жылуу, илкий кыймылдоо, жалкоолонгон кыймыл-аракетте, өтө жай, илең-салан, абалда болуу. *Алымкул менен Алима Аманкулдун артынан илээлеп баратышат* (Абдукаримов). *Көктү көздөй илээлеп бураган көк түтүн* (Абдукаримов).

**ИЛЭЭЛЕН илээле** этишинин өздүк мамилеси. *Сестенди окшойт, Сайра илээлене тура келди* («Ала-Тоо»).

**ИЛЭЭЛЕТ илээле** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйдү илээлетип жетелеп отуруп араң келдим* (Абдукаримов).

**ИЛЭЭЛӨӨ илээле** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛЭЭНДИ** Жүдөө, кандайдыр бир иштерди иштөөгө, бүтүрүүгө келгенде шалакы, бош, тыкан эмес, тың эмес. *Илгертен илээндини бош деп айтат* (Тоголок Молдо). *Илээндинин малы көчкөндө жок болот* (макал).

**ИЛЭЭНДИЛИК** Шалакылык, боштук, тыкан эместик. *Шейше илээндиликке берилип, жүдөө тарта баштады* («Ала-Тоо»).

**ИЛЭЭШ** 1. Үзүлүп же бөлүнүп калбай желим, чайыр сыяктанып чубалжып созулган, жабышкан абалда болуу. *Коюу бал илээшип созулат. 2.* Бөлүнүп калбай эптеп-септеп кошо болуу, артында кошо жүрүү. *Эл менен илээшип жайлоого көчүп кетишкен экен го,– деп ойлоду* (Бөкөнбаев). 3. Алпурушуп убаралануу, кандайдыр бир иштин артынан түшө алышуу, убара болуу. *Ач буудан мага кармаптпайт, Үч күндөн бери илээштим* («Манас»). *Мен кунарсыз нерсеге илээшип бекерге убара болбоюн* (Абдукаримов).

**ИЛЭЭШКЕК илээшме** менен бирдей. *Илээшкек суюктук.*

**ИЛЭЭШКЕНИ БАР** 1. Диний түшүнүк боюнча: азгыруучу жин-шайтаны, азгырганы бар. 2. Бир чатактуу илинчеги бар.

**ИЛЭЭШМЕ** Желим, бал сыяктанып чубалжып турган жабышкак, илээшип турган, илээшчек.

**ИЛЭЭШТИР илээш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИЛЭЭШҮҮ илээш** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЛЭЭШЧЭЭК** Илээшип турма, илээшме, илээшкек. *Илэшчээк зат.*

**ИМ** *сүйл.* Минүү. *Атына имип, чаап кетти.*

**ИМАМ** *туурасы:* **ыймам.**

**ИМАН** *туурасы:* **ыйман.**

**ИМАРАТ** Өзүнчө турган үй курулушу, чоңураак келген үй, там, курулуш жайы. *Түгөл, Сапар институттун имаратын айланып өтүп баратышты* (Бейшеналиев). *Айдар өз имаратын тигил ойго атайы бороондун оозуна салдырган* (Сыдыкбеков). *Узунча курулган имараттын бир учу клуб, экинчи учу окуу үйү, орто жери колхоз башкармасынын конторасы экен* (Убукеев).

**ИМЕР** 1. Кайруу, буруу, кайрып, буруп бир жерге топтоо, чогултуу. *Шофёр менин пикиримди билгендей машинасын чайканага имерди* (Токомбаев). *Каныбек койду короого имере салып, үйгө карай жүгүрдү* (Жантөшев). 2. Жакындатуу, өзүнө тартуу, үйүр алдыруу. *Жакшы бүлөнү душман колго алдырбай, өз бооруңарга имерсеңер боло* (Байтемиров). *Даша Жийдегүлдү бат эле имере тартып, абдан тааныш эмелерче сүйлөштү* (Сасыкбаев). 3. Толгой тартуу, толгой чыйратуу, толгой буроо, бурай кармоо. *Акын көзүнө жаш алып, апаппак болгон мурутун имерди* (Бөкөнбаев). 4. Булгалай тартып жиберүү, шилтөө, айландыра булгалоо. *Кара мүртөз Канчоро, Каарданып, чамынып, Кара болот балтасын, Кош колдоп кармап имерди* («Сейтек»). 5. Айланта кароо, көз жүгүртүү, айланчыктап байкоо. *Бир имерип көрө кет, Алты жашар баламды* («Курманбек»). *Түлкүбек көлдүн айланасын имере карады* (Жантөшев). *Арстан Манас баатырды, Аз имерип сындап өт* («Манас»).

**ИМЕРИЛ имер** этишинин туюк мамилеси. *Жолой эч кимге көрүнбөй өтөктү имерилип кетти* (Жантөшев).

**ИМЕРИЛИШ** Жолдун, суунун ж. б. кайрылган жери, бурулуш, кайрылыш. *Тар жолдун ар бир татаал имерилиши жедеп көзүнө кандым болгон шофер машинаны эркин башкарат* (Ала-Тоо»). *Имерилиште дагы бир короо бар* (Жантөшев).

**ИМЕРИШ имер** этишинин кош мамилеси. *Жайылып кеткен койду имеришип келди.*

**ИМЕРҮҮ имер** этишинин кыймыл атоочу.

**ИМЕРЧИКТЕ** Айланчыктоо, каралоо. *Атай Эркесарыдан карыш жылбай, имерчиктеп калды* (Каимов). *Кой мекиренип баласына имерчиктейт.*

**ИМЕРЧИКТӨӨ имерчикте** этишинин кыймыл атоочу.

**ИМИДЖ** Субъекттин өзү жөнүндөгү түшүнүктөрү менен ал жөнүндөгү коомчулукта калыптанган сүрөттөмөлөрдүн кошундусунан улам пайда болгон образ, мүнөздөмө, түшүнүк.

**ИМИДЖМЕЙКЕР** Образ жасоо. Стиль бе-

рүүчү, түзүүчү.

**ИМИТАЦИЯ** Тууроо, окшоштуруу

**ИМИШ** Өндөнөт, окшойт, сыяктанат, ошондой дейт деген мааниде алынган кабардын, сөздүн ж.б. ачык эместигин, так эместигин белгилөө иретинде колдонулат. *Ышкынаалы Ала-Арча деген жерден кармалган имиш* (Байтемиров). *Каныбек кармалып, Сибирге айдалып кеткен имиш* (Жантөшев). *Түрдүү имиш, божомол, шек-шыбырлардын бардыгы Анархан менен Алымдын айланасына жайыла баштады* (Жантөшев).

**ИМЛА** *эск.* Жазуу эрежелери, орфография.

**ИММАНЕНТТҮҮ** Нерсенин, көрүнүштүн ички табиятына таандык (касиет, сапат).

**ИММИГРАНТ** Башка бир өлкөдө биротоло же узак убакытка туруп калган чет элдик.

**ИММИГРАЦИЯ** 1. Эмбриологияда – гаструляциянын бир жолу, о.э. айрым клеткалардын баштапкы органдан чыгышы же алардын түйүлдүктө орун которушу. 2. Биогеографияда кандайдыр бир жерге, ал жерде мурда жашабаган организмдердин келиши. 3. Туруктуу же узак убакыт жашоо үчүн башка өлкөгө кетүү. *Кыргыз Республикасына иммиграцияга чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эң көп санын белгилөөчү иммиграциялык квотаны кароо (ЖК Жарчысы).*

**ИММУНИТЕТ** 1. Бир нерседен бошонуу, кутулуу, көз карандысыз абалда болуу. 2. Бир мамлекетте жашап турган башка мамлекеттин органдарынын же жарандарынын ушул жашап турган мамлекеттик юрисдикциясынан бошотулушу. 3. *мед.* Оорутуучу микробдорду организмдин кабыл албоочулугу. Анын жуккан микробдорго каршы күрөшүүсүнүн күчтүүлүгү.

**ИММУНОЛОГИЯ** Иммунитет, организмдин өзүн өзү коргоочу реакциялары жөнүндөгү илим.

**ИМПЕРАТОР** Монархтын эң жогорку наамы жана ошондой наамы бар адам.

**ИМПЕРИАЛИЗМ** Ири монополиялардын үстөмдүгү, сырьё булактары менен чыгарып сатуу рынокторуна ээ болуу жана башка территорияларды басып алуу үчүн ири дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүнү көздөгөн тынымсыз агрессиялык согуштарга алып баруучу эң жогорку жана эң акыркы стадиясы.

**ИМПЕРИАЛИСТ** Империализмдин саясатын жактоочу.

**ИМПЕРИАЛИСТТИК** **империалист** дегенге таандык. *Империалисттик өлкө. Империалисттик саясат.*

**ИМПЕРИЯ** 1. Башында император турган монархиялык мамлекет. 2. Ири империалисттик колониялык мамлекет. *Британия империясы.*

**ИМПИЧМЕНТ** 1. Жогорку кызмат адамдарын сот жоопкерчилигине тартуунун өзгөчө тартиби. 2. Парламенттин президентке, премьер-министрге ишенбестик билдириши.

**ИМПЛАНТАЦИЯ** Клеткаларды бир жерден экинчи жерге көчүрүү, протез ж.б. жалгаштыруу.

**ИМПОРТ** Чет өлкөлөрдөн товарларды алып келүү.

**ИМПОРТТУК** **импорт** дегенге таандык. *Импорттук товарлар.*

**ИМПОТЕНТ** Жыныстык катнашууга жөндөмсүз, жараксыз эркек.

**ИМПОТЕНЦИЯ** Жарамсыздык, *вет.* жыныстык жөндөмдүүлүгүнүн жоголушу.

**ИМПРЕССИОНИЗМ** XX кылымдын соңку чейрегинде Францияда пайда болгон көркөм өнөрдөгү, анын ичиндеги адабияттагы автордук субъективдүү таасирлерге гана негизделген багыт.

**ИМПРОВИЗАТОР** Төкмө акын, төкмө ырчы, мурдатан даярданбастан эле ырдап, күү чыгарып жиберүүчү киши.

**ИМПРОВИЗАЦИЯ** 1. Күн мурун даярданбастан, ошол учурда эле чыгарып ырдап жиберүү же күү чыгаруу. 2. Мурдатан даярдык көрүлбөстөн, ошол учурдун өзүндө эле айтылган ыр, чыгарылган күү. 3. Төкмөчүлүк.

**ИМПУЛЬС** Дүүлүгүүлөрдүн нерв жипчелери аркылуу биринен экинчисине өтүшү, же түз эле кыймыл органдарына берилиши.

**ИНАБАТ** Ишенимдүү, адилет, асыл. *Инабаттуу жакшылар, Эл көзүнө мазардай* (Кылыч).

**ИНАБАТТУУ** **инабатка** таандык.

**ИНАЛ** (Энал). Байыркы кыргыздардын мамлекеттик башкаруу системасындагы колдонгон термини.

**ИНАМ** *диал.* Сыйлык, белек, жакшылык. *Танапис убагында театрдан куру кол чыккым келбей, инам саткан дүкөнчүсүнөн театрдын жасалгасындагы куурчак кейипкерин сатып алдым* (Жусупов).

**ИНАУГУРАЦИЯ** Мамлекеттик бийликтин салтанаттуу түрдө кызматына киришүү процедурасы.

**ИНАЯТ** Жакшылык, камкордук. *Адамга кылгын инаят, Кылбагын такыр кыянат* (Санат).

**ИНВАЛИД** Оорудан, кырсыктан, карылыктан же жарадар болуунун натыйжасында толук же жарым-жартылай эмгектенүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган адам.

**ИНВАЛИДДИК** **инвалид** дегенге таандык.

**ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ** Инвентарга киргизүү, мекемеге, ишканага, уюмга тиешелүү болгол буюмдардын, мүлктөрдүн толуктугун, бардыгын, абалын текшерип, эсепке алып, тизмелеп каттоо.

**ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛА** Инвентаризация жүргүзүү.

**ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛАН** **инвентаризациялa** этишинин өздүк мамилеси.

**ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛОО** **инвентаризациялa** этишинин кыймыл атоочу.

**ИНВЕНТАРЬ** Мекемеге, ишканага, уюмга тиешелүү болгон буюмдардын, мүлктөрдүн жыйындысы. *Мектептин ички тазалыгы жана инвентарлардын сакталышы мурдагы жылдарга салыштырганда алда канча жакшырды* («Мугалимдерге жардам»).

**ИНВЕРСИЯ** *адаб.* Көбүнчө ырларда кадимки адаттагы сүйлөмдөрдүн сөз тизмектери синтаксистик орун алмашылуу менен берилиши. *Түйүнчөк болуп түйүлүп, Түпкүчтөй бели ийилип, Тизгинди жулкуп алганда, Тебетей артка кийилип* (Эралиев).

**ИНВЕСТИЦИЯ** Экономиканын кайсы бир тармагына капиталды узак мөөнөткө салуу. 2. Ушундайча жол менен салынган капитал. *Курулушка салынуучу ири инвестициялар.*

**ИНВЕСТИЦИЯЛЫК** **инвестицияга** таандык.

**ИНВЕСТОР** *экон.* Баалуу кагаздарды өзүнүн атынан жана эсебинен алууга укуктуу жеке жана юридикалык жак, инвестицияларды ишке ашыруучу жак, уюм же мамлекет.

**ИНГАЛЯЦИЯ** *мед.* Буу, газ формасында дарыларды жыттатып организмди дарылоо жолдору.

**ИНГЕН** *туурасы:* **иңген.**

**ИНГИЛИЗ** Англис. *Жардам сурайм, көрөсүз, ингилизден мылтык алып, дүпүрөгөн кол менен келем!* (Касымбеков).

**ИНДЕКС** 1. Бир нерсенин баасын, атын ж.б. көрсөткүч, тизме, санап көрсөткөн тизме. 2. *экон.* Экономикалык көрүнүштөрдүн улам өзгөрүштөрүн пайыз менен көрсөтүүчү цифралык көрсөткүч. 3. Китепкананын классификациясында, почта иштеринде ж. б. цифра же тамгалардын айкалышы аркылуу берилүүчү шарттуу белги, шарттуу көрсөткүч.

**ИНДИВИДУАЛДУУЛУК** Жеке адамга же жеке бир көрүнүшкө таандык өзгөчөлүктүү мүнөздүк белги, сапаттардын жыйындысы.

**ИНДИВИДУАЛИЗМ** 1. Жеке адамдын таламдарын коомдун, коллективдин таламдарынан жогору коюучулук. 2. Коллективден, коомдон обочолонуп өзүнүн жеке өзгөчөлүгүн көрсөтүүгө, таанытууга умтулуучулук.

**ИНДИВИДУАЛИСТ** Коомдун, коллективдин таламдары менен эсептешпеген, оюнда, кылык-жоругунда, пикиринде индивидуализм көрүнүштөрү бар адам.

**ИНДИКАТОР** 1. *тех.* Кандайдыр бир физикалык чоңдуктун (басымдын, кысымдын ж.б.) ченемин өлчөө, аныктоо үчүн колдонулуучу бир катар куралдардын аты. *Электр термелүүлөрүнүн индикатору.* 2. Химиялык процессте изилденип жаткан эритменин түсүнүн өзгөрүшүн, тунманын пайда болушун билүү үчүн кошулуучу зат.

**ИНДИС** *туурасы:* **индус.** *Кай уруудан болосуң? Тил билбеген индис бар, Он эки уруу кыргыз бар, Балам, кай уруктан болосуң?* («Семетей»).

**ИНДУКЦИЯ** 1. Жеке, айрым-айрым көрүнүш, фактылардан жалпы жыйынтыкка келүү, ыгы, дедукциялык каршысындагы түшүнүк. 2. Физикада – өткөргүчтүн магниттик талаасын кыймылга келтирүү аркылуу анда электр тогун пайда кылуу.

**ИНДУС** Хинди тилинде сүйлөгөн индия элинин өкүлү.

**ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯ** **индустриялаштыруу** менен бирдей.

**ИНДУСТРИЯ** Машина техникасы менен жабдылган фабрика-заводдук өнөр жай. *Оор индустрия. Жеңил индустрия.*

**ИНДУСТРИЯЛАШТЫР** Эл чарбасынын кандайдыр бир тармагын же бүткүл эл чарбасын индустриялуу машина техникасына которуу иштерин жүргүзүү, индустриализация жүргүзүү.

**ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ** **индустриялаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ИНДУСТРИЯЛУУ** Индустриясы бар, индустриясы өнүккөн. *Индустриялуу мамлекет.*

**ИНЕК** Үч жаштан жогорку ургаачы уй. *Мармалы үркүп чуу койсо, Мала кашка инектей. Букада кайын жок, инекте төркүн жок* (макал). *Өгүздөрүн карасаң, Атан төөдөй күчү көп, Инектерин карасаң, Чакачака сүтү көп* (Осмонкул).

**ИНЕРЦИЯ** Кандайдыр бир тышкы күч бузмайынча тело өзүнүн тынч абалын же бир калыпта бараткан кыймылын сактап туруу касиети.

**ИНЖЕКТОР** Буу казанына суу толтуруучу, көмүр, кен терең шахталарга таза аба киргизип туруучу, кеменин трюмунан сууну соруп чыгаруучу насос.

**ИНЖЕНЕР** Техниканын бир тармагы боюнча жогорку техникалык билими бар адис. *Тоо инженери.*

**ИНЖЕНЕРДИК** Техниканын, инженердин иши менен байланышы бар. *Инженердик иштер. Инженердик аскерлер.*

**ИНЖИ // ИНЖУ // ИНЖУУ** Акак, бармет. *Инжи тиштүү, кыйгач каш, тамагынан көрүнгөн кара мейиз жуткан аш* (Эл ыры). *Инжу тырмак акак тиш* (фольк.). *Инжу, маржан, шурумду, Жарыя кылып мунумду* («Семетей»).

**ИНЖИЛ** *дин* Иса пайгамбарга кудай жиберген китеп. Инжил – Евангелия. *Дин ишениминде Инжил – Иса пайгамбарга, Куран – Мухамедге, Тоорат Мусага жиберилген деп жомоктолот* (Карасаев).

**ИНЖИР** 1. Түштүк өлкөлөрдө өсүүчү жемиш жыгачы. 2. Ушул жыгачтын көбүнчө кургатылып алынуучу таттуу жемиши.

**ИНИ** 1. Өзүнөн кичүү эркек бир тууган, туугандык жагынан жакын адамдардын кичүүсү. *Каралашар жаны ачып, Ини же менде ага жок* (Жантөшев). *Эркектен менден кичүү иним бар* (Сыдыкбеков). 2. Жалпы эле өзүнөн кичүүлөргө карата колдонулат. *Амансызбы, акын иним, Ырас болду келгениң* (Бөкөнбаев).

**ИНИЛИК** 1. Өзүнөн кичүү, тууган деп, ини деп эсептөөчүлүк. *Акы берсең буудай бер, Иниликке санасаң, Ичке күдүк кылбай бер* («Манас»). 2. Кичүүлүк, жалпы эле кичүүлөргө карата колдонулуучу сөз. *Инилик кылып буга жардамдаша койчу.*

**ИНИЦИАТИВА** Демилге. Кандайдыр бир маселени жаңыча баштоого, иштөөгө, өндүрүшкө жаңы ыкмаларды киргизүүгө болгон аракет.

**ИНИЧЕК** Ини деген сөздүн эркелетип айтылган түрү. *Садага, элдин көркү иничегим, Сапарга аман барып, аман келгин* (Бөкөнбаев). *Чынын айтсам, иничек, жараң начар,– деди доктор Жапарга* (Баялинов).

**ИНКАССАТОР** Инкассо операциясын жүргүзүүчү адам.

**ИНКАССО** Ишенүүчүнүн тапшыруусу боюнча вексель же башка документ менен акча алуу.

**ИНКВИЗИТОР** Инквизиция мүчөсү.

**ИНКВИЗИЦИЯ** 1. *тар.* Католик чиркөөсү тарабынан уюштурулган XIII кылымдын башында динге каршы болгон көз караштар жана ошондой көз караштагы адамдарга каршы күрөшүү үчүн сот-полициялык уюм. Бул уюм чиркөөнүн душмандарына абдан мыкаачылык менен мамиле кылган. 2. Мыкаачылык менен кыйноо, ырайымсыз катаалдык.

**ИНКОГНИТО** Жашырын, жашырын ат менен, атын жашырып.

**ИНКОГРАФ** Чертёждук инструмент катары колдонулуучу атайын сыя толтурулган авторучка.

**ИНКУБАТОР** Жылдын ар кандай мезгилинде көп сандаган жумурткалардан жасалма түрдө жөжө чыгаруучу аппарат.

**ИНКУБАЦИЯ** 1. *мед.* Оору жуккандан баштап, анын биринчи белгисинин пайда болушуна чейин билинбей өтө турган мезгил. 2. Инкубатор аркылуу жумурткалардан жасалма түрдө жөжөлөрдү чыгаруу.

**ИНКУБАЦИЯЛЫК** **инкубация** дегенге таандык.

**ИНКЫЛАП** *туурасы:* **ыңкылап**. *Мансур афанди колун жаңдап, инкылап жөнүндө жалындуу сөздөрдү сүйлөп, артынан ээрчип келе жаткансыды* (Саспаев).

**ИННА АТАЙНА** Курандын 108-сүрөөсүнүн башкы сөздөрү. *– Атыңардын чылбырын бек кармап, кыбыланы карап, чын ыкыласыңар менен «Инна а тайнаны» үч кайтара окугула,– деп буюрду Имакең* (Саспаев).

**ИННОВАЦИЯ** Жаңылануу. Өнүгүүнүн мурдагы стадияларында болбогон, кийинки стадияларда пайда болуп органикалык түрдө тутумга кирген этностун маданиятындагы жаңы кубулуштар.

**ИНОМАРКА** Чет мамлекеттик маркадагы товар. *мис.*, автомобиль мерседес, гольф, ауди.

**ИНОФИРМА** Чет мамлекеттин фирмасы.

**ИНСАЙДЕР** *экон.* Фирманын (ишкана, мекеме ж.б.) иш-аракеттери жөнүндө жарыялоого жатпай турган маалыматка ээ болуучу инсандар.

**ИНСАЙТ** *филос.* Жеке тажрыйбаларга жана кемчиликтерге таянган билимдер, бир нерсени алуу, дароо түшүнүү же үйрөнүү.

**ИНСАН** Жеке адам (личность). *Кеп ар бир адамдын адамдык сапат, адамдык инсандыгында* (Даникеев). *Бир календер түркүн ташты тагынып: «Я алла!» дейт жараткаңга жалынып. Топу саткан, чарчы саткан аялдар, Соодалашат паранжысын жамынып. Бир мырзага чарпаяда отурган, Төрт-беш инсан кызмат кылат жагынып* (Байзаков).

**ИНСАНАТ** Адам баласы, бүткүл адам тукуму, арабдын «инсанийат» деген сөзүнөн өзгөргөн. *Илимдеги, техникадагы, коомдук турмуштагы чукул өсүштөр, кубулуштар инсанаттын ой жүгүртүүсүн күндөн күнгө шаштырып, түгөнгүс информациянын дайрасында утурлатып баруда* (Айтматов).

**ИНСПЕКТОР** Карамагындагы уюмдардын жана адамдардын иштеген иштеринин тууралыгына байкоо жүргүзүүчү жана көзөмөл кылуучу кызматчы адам. *Мектеп инспектору. Санитардык инспектор.*

**ИНСПЕКЦИЯ** 1. Байкоо жүргүзүү жана инструкциялоо максатында иштелип жаткан иштердин тууралыгын текшерүү. 2. Атайын текшерүү жүргүзүүчү, көзөмөлдөөчү мекеме, уюм. *Санитардык инспекция. Автомобилдик инспекция.*

**ИНСТАНЦИЯ** Мамлекеттик, партиялык жана профессионалдык органдардын системасындагы бири-бирине баш ийген ар бир баскыч, звено.

**ИНСТИНКТ** *биол.* 1. Жандуу организмдин белгилүү бир түрүнө таандык тубаса жүрүм-турумдук аракеттердин биримдиги; бейаң түрүндө кандайдыр бир максаттуу аракеттерди жасоо жөндөмдүүлүгү. *Өзүн сактоо инстинкти. Жашоо үчүн күрөшүү инстинкти.* 2. Сокур сезим, ички туюм.

**ИНСТИТУТ** 1. Кээ бир илим-изилдөө мекемелери менен жогорку окуу жайларынын аты. *Зооветеринардык институт. Илим изилдөө институту. Айыл чарба институту. Технологиялык институт.* 2. *юр.* Коомдук түзүлүштүн кандайдыр бир формасы, коомдук мамилелердин кандайдыр бир тармагы боюнча укук нормаларынын жыйындысы.

**ИНСТРУКТАЖ** Жетекчилик көрсөтмө. *Пропагандисттерге инструктаж берүү.*

**ИНСТРУКТОР** Өз тармагына караштуу болгон органдардын, адамдардын иштеп жаткан иштерин текшерип, аларга иш жүргүзүү тартиби, жөн-жайы боюнча көрсөтмөлөр берүү укугуна ээ болгон мамлекеттик, кооперативдик же коомдук уюмдардын кызматкери.

**ИНСТРУКЦИЯ** Аткарыла турган иштин тартиби, орундоо жолдору белгиленген жетекчи көрсөтмө, ушундай көрсөтмөлөрдүн

жана жоболордун жыйындысы.

**ИНСТРУКЦИЯЛА** Жетекчи көрсөтмөлөр берүү, инструкция берүү.

**ИНСТРУКЦИЯЛОО** **инструкцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ИНСТРУМЕНТ** 1. Канайдыр бир жумушту жасоо үчүн колдонулуучу аспап, шайман, курал. 2. *муз.* Белгилүү бир тембрдеги музыкалык үндү чыгаруу үчүн колдонулуучу музыкалык аспап.

**ИНСУЛИН** 1. Карындын астындагы уйку бездин чыгарган суюктугу, гормону. 2. Жаныбарлардын уйку безинен жасалган дарылык препарат.

**ИНСУЛЬТ** Мээнин кан тамырларында кан айлануунун бузулушу.

**ИНСЦЕНИРОВКА** *адаб.* Кара сөз жана ыр түрүндөгү чыгармаларды театрда коюуга, телекөрсөтүүгө, радио берүүгө ылайыкташтырып түзүп чыгуу.

**ИНТЕЛЛЕКТ** Кишинин ойлоо жөндөмдүүлүгү, акыл-эс, акыл-эсинин өнүгүү деңгээли.

**ИНТЕЛЛЕКТУАЛ** Ойлоо, сезүү, түшүнүү жөндөмдүүлүгү жогору, билимдүү адам.

**ИНТЕЛЛИГЕНТ** Билимдүү, маданияттуу адам, илимий-теориялык маселелерди түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө даярдыгы бар акыл эмгегинин адамы, коомдун интеллигенция катмарындагы адам. *Кыргыздын эң алгачкы интеллигенттерин даярдап чыгарууда Фрунзе педтехникумунун ролу абдан чоң* («Ала-Тоо»).

**ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ** 1. Илимдин, техниканын ар түрдүү тармактары боюнча атайын билим алган, профессиясы акыл эмгеги менен болгон, окуган, билимдүү адамдардан турган коомдун социалдык катмары. *Республикада советтик интеллигенциянын чоң армиясы өсүп чыкты* («Ала-Тоо»). 2. Ушул катмарга таандык адамдар.

**ИНТЕНСИВДҮҮ** Күчөтүлгөн, тездетилген темп менен, ылдамдатылган түрдө,ургаалдуу эпкиндеген мүнөздө. *Минералдык жер семирткичтерди кеңири колдонуу айыл чарба өндүрүшүн интенсивдүү жүргүзүүгө жол алат.*

**ИНТЕР-ДҮКӨН** *комп.* Web-сайт, анын жардамы менен Интернет аркылуу сатууну уюштурат жана сатылуучу буюмдарды көрсөтүү үчүн электрондук каталогду колдонот.

**ИНТЕРАКЦИЯ** *филос.* Социалдык психологияда жана культурологияда адамдардын өз ара алакасын, алардын бири-бирине өз ара таасир көрсөтүүсүн же топтордун бири-бирине тийгизген таасирин үзгүлтүксүз диалог катары чагылдырган термин.

**ИНТЕРВЕНТ** Интервенцияга катышуучу же интервенцияны уюштуруучу.

**ИНТЕРВЕНЦИЯ** Бир же бир нече өлкөнүн революциялык же улуттук-боштондук кыймылды жанчып жок кылуу, территориясын басып алуу ж.б. максаттар менен башка бир өлкөнүн ички иштерине күчкө салуу менен кийлигишүүсү.

**ИНТЕРВИДЕНИЕ** Телевизиондук көрсөтүүлөрдүн эл аралык алмашуусунун системасы.

**ИНТЕРВЬЮ** Коомчулукту кызыктырган кандайдыр бир маселе боюнча коомдук, саясий же башка бир ишмердин газета-журналдар бетинде жарыялоо үчүн ылайыктап журналистке айткан сөзү, кыскача аңгемеси. ‖ Ушундай аңгеменин мазмунун баяндаган газеталык макала.

**ИНТЕРМЕДИЯ** 1. *адаб.* Сахналык чыгарманын көшөгөлөрүнүн аралыгындагы антракт мезгилиниде аткарылуучу күлкүлүү оюн. Бул өткөн доорлордо Европа жана орус адабиятында кеңири орун алган. 2. Азыркы учурда эки көшөгөнүн аралыгында аткарылуучу күлкүлүү пьеса, кыскача күлкүлүү драмалык чыгарма. *Райкандын интермедиялары бүт күлкү* («Ала-Тоо»).

**ИНТЕРНАТ** 1. Окуу жайынын алдындагы окуучуларга арналган жатакана. *Эки жылдан бери интернат өз үйүбүздөй болуп калды* («Кыргызстан аялдары»). 2. Окуучулар тура турган жатаканасы бар жабык окуу жайы.

**ИНТЕРНАТУРА** *пед.* Медициналык жогорку окуу жайларын бүтүрүүчүлөрүнүн жана врачтардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн болгон клиникалардагы жана ооруканалардагы стажировкасы.

**ИНТЕРНАЦИОНАЛ** 1. Эл аралык бирикме. *Биринчи Интернационал – пролетариаттын эл аралык биринчи уюму.* 2. *тар.* Эл аралык пролетардык гимндин аты.

**ИНТЕРНАЦИОНАЛДУУЛУК** Интернационализмдин таламын жактоочулук, анын ишине берилгендик, интернационализмдин принциптерине ылайык келгендик. *Биздин искусствонун чыныгы элдиги, интернационалдуулугу, жогорку идеялуулугу, эбегейсиз көркөмдүүлүгү аны даана жана асыл кылып көрсөтөт* (Токомбаев).

**ИНТЕРНАЦИОНАЛДЫК** 1. Эл аралык. *Интернационалдык байланыш. Жумушчу табынын интернационалдык бирдиги.* 2. Интернационализмдин принциптерине ылайык келген, интернационализм принциптеринин негизинде түзүлгөн. *Жаштарга интернационалдык тарбия берүү.*

**ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ** Бардык элдердин эркиндиги менен тең укуктуулугун сактоо үчүн алардын ортосундагы өз ара достук, кызматташтык үчүн болгон жана расизмге, шовинизм менен буржуазиялык улутчулдукка каршы жүргүзүлгөн күрөш. *Жаштарды интернационализм духунда тарбиялоо.*

**ИНТЕРНАЦИОНАЛИСТ** Интернационализмди жактоочу, ошонун жолун жолдоочу.

**ИНТЕРНЕТ** Бүткүл жер шарын камтыган көптөгөн компьютерлердин жана компьютердик топтордун жыйындысы.

**ИНТЕРЬЕР** 1. Үй-жайдын, адамдар турак кылган башка жайлардын ички жасалгасы, турмуш-тиричиликтик жайлардын көрүнүү-

шү. 2. Ушундай көрүнүштөрдүн искусство чыгармасынын композициялык элемент катары колоднулушу. 3. Имараттын ичинде эстетикалык жактан уюштурулган жай. Көркөм сүрөт искусствосунун өзгөчө жанры. Жасалга колдонмо көркөм искусствосунда – имараттын ичин жасалгалоо, кооздук берүү.

**ИНТИЗАР** *туурасы:* **ынтызар.** *Бала үчүн жүрөм интизар* (фольк.).

**ИНТИМ, ИНТИМДИК** Өтө жакындык мамиле, ынактык, сырдаштык мамиле.

**ИНТИМ ЛИРИКАСЫ** *адаб.* Лирикалык каармандын көңүл туйгуларын, көкүрөк дартын ички терендиктен ачып берүүчү лирикалык ырлар. *Көл түстүү көйнөк кийип бүгүн түнү, Бүгүн түнү түшүңө кирсем экен. Эсиңе түшө калган жаштыгыңдын, Бир үзүм жалынына күйсөң экен, Чын эле мен түшүңө кирсем экен...* (Узакова).

**ИНТОКСИКАЦИЯ** Микробдун, митенин уусу ж.б. уу заттар менен ууланую.

**ИНТОНАЦИЯ** 1. Сүйлөөдө үндүн өзгөрүлүп, бирде көтөрүнкү, бирде жай айтылган ыргактык кубулушу. 2. *муз.* Музыкалык инструментте ойногондо же ырдаганда чыккан үндүн ачыктыгы, аткаруунун тактыгы. *Түлеев симфониясына жаңы интонациялар менен ритмдерди тайманбай киргизген.*

**ИНТРИГА** 1. Чаташтыруу, кайсы бир максатка жетүү үчүн жашыруун аракеттер. 2. Фабула, сюжетти түзүүнүн ыкмасы, каармандардын кызыкчылыктарынын айкалышуусу жана кагылышуусунун, абалдын өзгөчөлүгүнөн жана аракеттин динамикалык өнүгүүсүн камсыз кылуучу алардын катышынын жардамы менен окуялардын өнүгүү схемасы.

**ИНТРИГАН** Чагымчы.

**ИНТРОЕКЦИЯ** *филос.* Жан киргизүү, жандандыруу.

**ИНТУИЦИЯ** Чындыкты түздөн-түз таанып билүү менен түшүнүүнүн өзгөчө жолу, баамчыл ички туюмга эгедерлик, сезгичтик.

**ИНФАНТИЛИЗМ** 1. Дене мүчөсүнүн, о.э. мүнөздүн өөрчүп-өспөстөн баланыкындай бойдон калышы. 2. *вет.* Үйүргө кире албастык, жалпы организмдин же анын айрым органдарынын, системаларынын өөрчүп жетише албагандыгы.

**ИНФАРКТ** Кан тамырдын бүтөлүп калышынан мүчөнүн бир бөлүгүнүн жансыздануусу. *Жүрөктүн кан тамырларынын бүтөлүүсү өмүргө өзгөчө коркунучтуу, ал инфаркт миокарда деп аталат.*

**ИНФЕКЦИЯ** *мед.* Ооруу жуктуруучу микроорганизмдердин организмге кириши, ооруу жугуу.

**ИНФЕКЦИЯЛЫК** Жугуштуу, инфекция жуктурган. *Инфекциялык оорулар.*

**ИНФЛЯЦИЯ** Кагаз акчанын керек болгон өлчөмдөн алда канчалык көп чыгып кетиши жана ошонун аркасында анын баасызданышы.

**ИНФОРМАТИКА** 1. Маалыматтын түзүлүшүн жана жалпы касиетин изилдөөчү илимий тармак. Ошондой эле маалыматты алуу, кайта түзүү, өткөрүп берүү, сактоо жана колдонуу ыкмалары. 2. Информатикалык автоматика, информацияны автоматташтырып кайра иштетүү, информациянын структурасын, жалпы касиетин изилдөө, ошондой эле анын мыйзамченемдүүлүгүн жана түзүлүш методдорун сактоо, издөө, өзгөртүп түзүү, берүү жана ар кандай сферада адамдын иш аракетиндеги колдонуучу илимий-техникалык жаңылык.

**ИНФОРМАТОР** Маалымат берүүчү, бир нерселерди кабарлап туруучу.

**ИНФОРМАЦИЯ** Иштин абалы жөнүндө же кандайдыр бир нерселер жөнүндө баяндаган кабар. *Газеталык информация. Информация алуу. Информация берүү.*

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК** **информация** дегенге таандык. *Икформациялык билдирүү.*

**ИНФРАСТРУКТУРА** *экон.* Бир өлкөнүн же региондун тиричилик шарттарын камсыз кылуучу жана өндүрүштү тейлөөчү чарбалык комплекстик тармак.

**ИНЦИДЕНТ** Адатта жагымсыз мүнөздө болгон учур, окуя, кагылышуу.

**ИНША** XX кылымдын 20-жылдары колдонулган термин, жат жазуу дегенди туюнткан.

**ИНШААЛЛАА ‖ ИНШАЛЛА** Кудай буюрса, кудаа кааласа. *Иншаалла... Шамырбектей даткага сыйнат кылуу фарыз! – деп Бөрүбай молдо эки жанындагы отургандарга корозднно карады* (Жантөшев). *Иншаалла, эси жок үрөйү учуп, тизе бүгүп тосуп чыгат* (Касымбеков).

**ИНЬЕКЦИЯ** Укол коюу, укол салуу.

**ИҢГЕН** Ургаачы төө. *Айыл тараптан боздогон иңгендин үнү угулат* (Жантөшев). *Кылчаңдап улам боздосо, Иңгендин көркү тайлакта* (Жантөшев).

**ИҢИР** Күүгүм кирип калган мезгил, күн баткандан кийинки караңгы тарта баштаган мезгил. *Иңир кирип, жер бетин караңгылык каптады* (Абдукаримов). *Күндө эрте кетип, иңирде кайтабыз* (Элебаев).

**ИҢИР ТАЛАШ** Көз байланган учур, күүгүм. *Мурат иңир талаш араң барып жетти* (Даникеев).

**ИҢИРЛЕН** Инир кире баштоо, иңир тарта баштоо, ачык көрүнбөй күүгүм тартуу, күүгүмдөнүү, күнүрттөнүү. *Иңирленип айлана, Күлкү, кейүү кошулду* (Токомбаев). *Айлана барган сайын көзгө илээшипей иңирленет* (Айтматов).

**ИҢИРЛЕНҮҮ** **иңирлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ИОН** *геол.* Электр заряды бар заттардын атомунан же атом тобунан турган бөлүкчөлөр, заряддуу атом.

**ИПОСТАСЬ** *филос.* Субстанция. Ошондой эле кандайдыр бир түшүнүктүн, абстракциялуулуктун же идеянын касиеттерин негиздүү

же негизсиз субстанцияга же затка айландыруу.

**ИПОТЕКА** Кредит берүүчү мекемелер тарабынан кыймылсыз мүлктү (жер, имарат) кепилге алып бериле турган карыз.

**ИППОДРОМ** Ат чабылуучу жай.

**ИПТИДАН** Башталгыч, баштоо, баштооч. 1920-жылдары колдонулган термин. Башталгыч мектепти «иптидан мектеп» деп атай турган.

**ИР I: ир алдыда** *туурасы:* **ири алдыда.**

**ИР II** *сүйл. сейр.* **ий V** менен бирдей. *Чаап ирди. Коюп ирди.*

**ИР ДЕДИРБЕЙ** Эч буйдалбай, кыйылбай, ошол замат. *Ир дедирбей талдаган Тоголок Молдого, Жаңыбай менен Курмандын алым сабакты улаганы жакты* (Бейшеналиев). *Сүйгөн Турсундун айтканын ир дедирбей түшүндү* (Бейшеналиев). *Анын оозунан чыкканын ир дедирбей илмектеп кагазга саймалаган Ыбырай* (Бейшеналиев).

**ИРАДА** Эрк, ыктыяр, насип. *Келмек – ирада, кетмек – ижаза (түшүндүрмөсү: келүү куданын эрки менен, кетүү үй ээсинин эрки менен).*

**ИРАСТА** 1. Илгери Тавриздеги катар тизилген базар. 2.*өт.* Текче, бийик орун, сөрү. *Ирастада отурган, Каасип экен, Ыргалым* (Эл ырлары).

**ИРБИТ** *диал. өт.* Иштин кызып турган учуру. *Ирбит шаары. Бул шаар азыр Россиянын Свердловск облусунда. Илгери бул шаарда чоң жармаңке болгон. Мына ушундан улам кыргыз арасында «жармаңкенин ирбит кези» деген сүйлөм пайда болгон. Демек, «жармаңкенин кызып турган кези» деген мааниде. Ошондуктан илгери Каркырадагы жармаңкенин кызыган кезин «Каркыранын ирбит болуп турган кези» деп сүйлөшө турган* (Карасаев).

**ИРГЕ** Бир нерсенин ичинен ирилерин, чондорун ж. б. ылгап бөлүү, тандоо жүргүзүү, калчай ыргап чайпап, чоңураактарын, ирдүүлөрүн бөлүп чыгаруу. *Зарыл да пионерлерди баштап келип, кампада алма иргеп жатат* (Сыдыкбеков).

**ИРГЕЛ ирге** этишинин туюк мамилеси. *Вагондорго жүктөлгөн көмүрлөр иргелип алынган* (Сасыкбаев).

**ИРГЕТ ирге** этишинин аркылуу мамилеси. *Ирдүүлөрүн иргетип бөлүп коюу.*

**ИРГЕШ ирге** этишинин кош мамилеси.

**ИРГИЛ** Дароо бөлүнүп чыга түшүү, дароо пайда болуу, токтолбоо, мөлт дей түшүү (көз жашына карата). *Үн да чыкпайт, кузгу чоптөй саргарган, Көздүн жашы бурчак-бурчак иргилет* (Токомбаев).

**ИРГИЛТ иргил** этишинин аркылуу мамилеси. *Көзүнүн жашын иргилтип, Төгүп келет Кумайык* («Семетей»).

**ИРГӨӨ ирге** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРДЕ** Иргөө, чондорун, жакшыларын, ирдүүлөрүн ылгап бөлүп чыгаруу, тандоо.

**ИРДЕЛҮҮ** Тандалган, ылганган, чоңдору, жакшылары, мыктылары иргелип алынган, тандамал. *Ирделүү жигит, күлүк ат, Элден жыйнап аламын* («Эр Табылды»).

**ИРДЕН** 1. **ирде** этишинин өздүк мамилеси. 2. Чоңоюу, торолуу, тынуу, оңолуу, оокат тиричилиги жакшыруу. *Ирденип калышкан улак-козулар оюн салышат* (Сыдыкбеков). *Элдин санаасы тынчып, жаңыдан эле ирденбедиби* («Ден соолук»). *Картошка айдап чарбасы ирденет* (Сыдыкбеков).

**ИРДЕНТ ирден** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИРДЕНҮҮ ирден** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРДЕТ ирде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИРДҮҮ** Ири, чоң, бир нерсенин тандалып, бөлүнүп алынган жакшысы, чоңураагы, ириси. *Ирдүүлөрүн бөлүү. Ирдүүлөрүн алуу.*

**ИРЕ-ШИРЕ** Күүгүм, иңир, каш карайып калган мезгил. *Эшиктен кирип келген кишиге үй ичи иңирдегидей ире-шире күүгүмдөй учурайт* (Касымбеков). *Ире-ширеде үйгө эки мейман келди* (Каимов).

**ИРЕГЕ** Боз үйдүн босого тарабы, үйдүн эшиктен кире берген жери, улага. *Жапек ирегe тарапка барып отура кетти* (Жантөшев).

**ИРЕГЕДЕН МАЙ АГУУ** Келим-кетим көп, тамак-аш кең-кесири, бардыгы жетиштүү болуп, мыкты турмушта жашоо. *Мисирейген Букен ирегесинен май акса да, кызматын жасаган байкуштардын чекесин жылыткан жери жок* (Сыдыкбеков). *Биз андай ирегесинен май аккандарга тең келе алабызбы, – деп жер карады* («Ала-Тоо»). **В.: Кемегеден май агуу.** *Андагынын эмнесин айтасың, кемегебизден май акты.*

**ИРЕГЕЛЕШ** Үйлөрү, турган жерлери бири-бирине абдан жакын, эшиктеш коңшу. *Сыяда ирегелеш олтуруп да кызына аркатирек боло албады* (Сыдыкбеков). *Ирегелеш отуруп, Эреже бузган макулбу* (Осмонкул).

**ИРЕГЕСИНДЕ ЖҮРҮҮ** Бирөөнүн колунда, эшигинде жүрүп жан багуу, кызматын кылып күн өткөрүү. *Кызматың кылып садагаң, Ирегеңде жүрөйүн* (Жантөшев).

**ИРЕКЕТ** *дин.* Намаз убагында жүгүнүү. *Колун сууга салды эми, кол дааратын алды эми. Эки ирекет багымдат, Канкоруң шашпай окуп алды эми («Манас»).*

**ИРЕНДЕ** *диал.* Сүргүч, копшогуч курал.

**ИРЕНЖИ** Көңүлү айнуу, жийиркенүү. *Көк жашык этти жемек түгүл, көргөн киши иренжий турган* («Чалкан»). ‖ Жактырбоо, көңүлүнө, купулуна толбой бир нерседен тартынуу. *Бек атасынын иренжигенин байкаган жок* (Каимов).

**ИРЕНЖИТ иренжи** этишинин аркылуу мамилеси. *Ушундай салтанаттуу жыйналышта элдин көңүлүн иренжитип отурасыз* (Абдукаримов).

**ИРЕНЖҮҮ** **иренжи** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРЕҢ** 1. Өң, бет ырайы. *Казактын кара сур иреңи сүрдүү тартып, козголбой олтурду* (Сыдыкбеков). *Омор сөз айта албай мукактана түштү эле, иреңи чалкандай кудурөйүп сүрдүү көрүндү* (Сыдыкбеков). 2. Кандайдыр бир нерсенин түсү, ыраңы. *Жадырап жан-жаныбар жай мезгили, Иреңи миң кубулат тулаң чөптүн* (Үсөнбаев).

**ИРЕҢ-БАРАҢ** **үрөң-бараң** менен бирдей. *Чолпон баткан, ирең-бараң таң аткан* (Бөкөнбаев).

**ИРЕҢДЕН** 1. Бозоргон, кызарган сыяктуу – кандайдыр бир өңдү-түстү элестетүү, белгилүү бир ирең пайда болуу, өңгө-түскө кирүү. *Саз, иреңденип турат.* 2. Өңдөнүү, өңү жакшы болуп оңолуп калуу. *Иреңденип калыпсың.*

**ИРЕҢДҮҮ** Өңдүү, түстүү, сулуу. *Акбайдын кызы иреңдүү, акыл-эси данектей* (Касымбеков).

**ИРЕҢДҮҮЛҮК** Сулуулук, өңдүү-түстүүлүк. *Жамийланын иреңдүүлүгү, өзүн эркин алып жүргөн мүнөзү менен ичимден сыймыктануучумун* (Айтматов).

**ИРЕҢИ БУЗУЛУУ** Коркуп кетүү, корккондон өңү өзгөрүлө түшүү. *Мокочо көргөн ийри тумшук Гриша менен Атабайдын иреңдери бузулуп, сөздөрүнүн аягына чыкпай, аңкайып туруп калышты* (Саатов).

**ИРЕТ** 1. Удаалаш, жанаша же тизиле турган кырка, улам кийин жагына кошула берүүчү кезек, кылка-кылка болуп белгилүү бир кезектүүлүктү сактаган катар. *Жоого сүрдүү, жолборс жүрөк аскердей, Ирет менен катар турат он-ондон* (Маликов). *Иретке чыккан өңчөй кедейлер* (Баялинов). *Ирет-ирет тартып алыска кеткен жаш алма жыгачтары быйыл экинчи жолу мөмө бермек* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир ыраattуулук боюнча жайгаштырылган тартип, чачкын же баш аламан түрдө болбостон ирettүүлүктү сактаган абал. *Камдуулар китеп, дептерлерин иретке келтирүүдө* (Бейшеналиев). *Чакчелекей болуп жаткан үй бир заматтын ичинде иретке келе түштү* (Абдукаримов). 3. Кандайдыр бир абалдын жөндүү ыгы, шарттуу жагдайы, онтойлуу учур. *Тим эле сөз ирети келгенде айтып койду* (Байтемиров). 4. Бир нерсенин катар тартибин, сан-эсебин билдирүүдө «мертебе», «жолу» деген маанилерде колдонулат. *Сакадай Эркиндин чекесинен эки ирет өптү* (Жантөшев). *Баркалбас жараланып төртүнчү ирет, Төрт жолу жыгылганын жакшы билет* (Осмонов).

**ИРЕТИНДЕ** Катарында, сыяктуу. *Койчунун сөздөрү жаш кызга жомоктогудай, табышмак иретинде угулду* (Сыдыкбеков). *Мен Зина менен жолдоштук иретинде гана жүрөмүн* (Сасыкбаев).

**ИРЕТСИЗ** Иретке келтирилбеген, иреттүү эмес, тартиптүү жайгаштырылбаган, баш аламан. *Орусбек өзү иретсиз кармаган китеп-дептерлерин бет алды ыргытчу* (Сыдыкбеков).

**ИРЕТТЕ** Иретке келтирүү, тартипке келтирүү, жайгаштыруу, жөнгө салуу. *Колхоз активдери соко-шаймандарын ирettеп, малдын туутуна катышышты* (Бейшеналиев). *Эки аял балдардын ороо-чулгоо, төшөнчүлөрүн ирettеп жаткан экен* (Убукеев).

**ИРЕТТЕЛ** **иретте** этишинин туюк мамилеси. *Кроваттын үстүндөгү төшөнчүлөр татынакай ирettелген* («Жаш ленинчи»).

**ИРЕТТЕТ** **иретте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИРЕТТЕШ** **иретте** этишинин кош мамилеси.

**ИРЕТТИК** Иретти, катарды көрсөтүүчү. *Иреттик сандар.*

**ИРЕТТӨӨ** **иретте** этишинин кыймыл атоочу. *Аялдар үй ичин ирettөө аракетине өтүштү* (Убукеев).

**ИРЕТТҮҮ** Иретке, тартипке келтирилген, жөнгө салынган, жыйынтыктуу. *Үй ичи иреттүү, бардыгы өз ордунда* (Сыдыкбеков).

**ИРЕТТҮҮЛҮК** Иретке, тартипке салынгандык, баш аламан болбой, белгилүү бир эрежени, тартипти сактагандык, тартиптүүлүк, жыйынтыктуулук. *Бул короодо аял киши болбосо да, укмуштай тазалык, иреттүүлүк өкүм сүрүп турат* (Абдукаримов).

**ИРИ I** 1. Көлөмү, өлчөмү, турпаты, көрүнүшү ж.б. жагынан башкаларга салыштырганда чоң, майда же кичине эмес, ирдүү, зор. *Бул алмалардын башкалардан мөмөлөрү ири* (Сыдыкбеков). *Динар Аскардын күндөлүгүн ири-ири жазуулар менен булгап койгонуна өкүндү* (Сыдыкбеков). 2. Атактуу, белгилүү, көрүнүктүү. *Музооке оң менен солду бирдей аралаган ири комузчу болгон* (Тоголок Молдо).

**ИРИ II** 1. Ачып-кычып бузулуу, бузулуп кетүү, сапатын жоготуу (көбүнчө сүт жөнүндө). *Күндүн ысыгына чыдабай айран, сүттөр ирип жатты* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Көңүлү бузулуу, ынтымагы кетүү. *Айылда өткөн күндү сезип суздай, Иридим, көңүлүм кир, баш тумандай* (Абдыраманов). *Көңүлүң ирийт эле дал ошондо* (Үметалиев).

**ИРИ III:** **ири алдыда** *же* **ири алдында** А дегенде, баарынан мурда, эң мурун, алды менен, эң алдында, ириде. *Мукай ири ал-дыда өзү ылдамдап басты* (Таштемиров).

**ИРИ АЛДЫ МЕНЕН** Эң мурда, биринчи болуп, башында, башталышында. *Ошондо ири алды менен калың аскер алынбадыбы* (Айтматов). **В.: Ири алды болуп.** *Арзыкул элдин ири алды болуп, адаттагыдан тышкары каны кызуу чыкты* (Байтемиров).

**ИРИДЕ** Эң мурун, алды менен, а дегенде, биринчи жолу, баарыдан мурда. *Ириде өз кесибибиздин эрежесине каныk болушубуз муктаж* (Сасыкбаев). *Ириде жетим-жесир,*

*эчтемеси жок караманчаларды эсиңе ал* (Жантөшев).

**ИРИК I** Биттелген үч жашар же андан жогорку жаштагы кой. *Алдыда турган милдет, ар бир ириктен жүндү көп кыркып алуу* («Айыл чарба»). *Барпы бүгүн бир ирик сойдурган* (Байтемиров).

**ИРИК II** Ар кандай ыплас, булганч нерсе, акыр-чикир. *Ирик менен чирикти таза кылган аккан суу* (Жеңижок).

**ИРИЛЕН** Ири болуу, чоңоюу, көлөмдүү болуу.

**ИРИЛЕНТ ирилен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИРИЛЕНҮҮ ирилен** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРИЛЕШ** Биригип, кошулуп мурдагысынан чоңоюу. *Ирилешкен колхоз. Ирилешкен чарба.*

**ИРИЛЕШТИР ирилеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИРИЛЕШҮҮ ирилеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРИМ** Суунун уюлгуп, айлампа болуп аккан терең жери, мелтиреген терендик. *Арал сайын көк ирим, Айлампа болуп токтолуп* (Үсөнбаев). *Карынын ырымы жаман, суунун ирими жаман* (макал).

**ИРИМДЕ** Ирим болуп, уюлгуп айлампа тартуу, ирим болуп мелтиреген терең көрүнүштө болуу. *Чет жакасы кылкылдап, Ортосу оргуп иримдеп, Чыгышты көздөй жулунат* (Токомбаев).

**ИРИМДЕН иримде** этишинин өздүк мамилеси. *Суу иримденип агып жатат.*

**ИРИМДҮҮ** Ирими бар, иримденип аккан. *Иримдүү Көкөмөрөн, оргуштанат* (Токомбаев).

**ИРИМЧЕК** Сүттүн иригенден кийинки коюлуп калган бөлүгү, иригендей бирт-бирт болгон коюу суюктук.

**ИРИМЧИЛ** Суунун иримдүү жерин жакшы көрүүчү. *Кары – ырымчыл, балык – иримчил* (макал).

**ИРИҢ** Организмдин ткандарынын сезгенген, жараланган жерине өзгөчө бактериялардын киришинин натыйжасында пайда болуучу жаман жыттуу, саргыч жашыл түстөгү коюу суюктук. *Чөңөрдү сууруган жеринен, Ириң менен кан кетти* («Эр Төштүк»).

**ИРИНДЕ** Ириң пайда болуу, ириң толуу. *Шорголоп кызыл шүйшүң бутум тилик, Балтайып ириңдеген тикен кирип* (Бөкөнбаев). ‖ Чылпактоо, чылпак басуу. *Таанибаган себеби: Көзү калган ириңдеп, Көөдөнү калган кирилдеп* («Манас»).

**ИРИНДҮҮ** Ириңге толгон, ириндеп кеткен, ириңи бар. *Ириңдүү жара. Микроблор жарага түшкөндө ириңдөөнү пайда кылат* («Ден соолук»).

**ИРИТ** 1. **ири II** этишинии аркылуу мамилеси. *Сүт табакты жибитет, Айран тамса иритет* (Токтогул). 2. *өт.* Чыр-чатак чыгаруу, бузукулук кылуу, араздаштыруу, көңүл иренжитүү. *Эмне? Сен, жигиттердин арасын дагы ирите баштагансыңбы?* (Жантөшев).

**ИРИТКИ** Ички ынтымакты, мамилени бузууга алып келүүчү бузукулук. *Эл ичине иритки салган куйту.*

**ИРИТҮҮ ирит** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРИШ** Кандайдыр бир иштин, спорттун ж. б. артынан түшүү, ошонун үстүндө иштөө, айланышуу, кызыгуу, алек болуу. *Ыр кадырын биле албай, Иришип толук кире албай* (Тоголок Молдо). *Бир топ күндөн бери иришип жүрүп мына муну кармап келе жатам* (Жантөшев).

**ИРИШҮҮ ириш** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРК** *туурасы:* **ирик.** *Кочкоруң биттеп ирк кылгын, Коюңдун баарын түрк кылгын* («Манас»).

**ИРКЕКТЕШ** Өз ара жардамдаш, шериктеш, ортоктош. *«Ага» деп, айтып сырыңды, Ошого бол иркектеш* (Жантөшев). *Айтыңыз, кайгыңызга мен иркектеш болоюн* (Жантөшев). *Экөө иркектешип ар кимдин тамын согот* (Жантөшев).

**ИРКЕКТЕШҮҮ иркектеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРМЕ** 1. Көздү тез жуумп-ачуу, кирпик кагуу. *Айганыш кээде гана көзүн дембелеп ирмеп, улутунуп коёт* (Байтемиров). *Карыя чочугансып, жалтангансып, Кирпигин улам-улам ирмеп алды* (Токомбаев). 2. Колду, канатты серпүү, кагуу, кармалоого, алууга ж.б. аракеттенип сермөө. *Ирмегени илбирстей, Кайсаганы камандай* («Манас»). *Канатын анда-санда ирмеп* (Токомбаев). 3. Тээкти, тетикти ж.б. тез басып жиберүү, тартып жиберүү. *Ыраак-жакын ылгабас, Ирмесе түтүн бураган, Абакеңдин Ак келте, Белекке бергин алайын* («Сейтек»).

**ИРМЕЛ ирме** этишинин туюк мамилеси. *Уркуянын эриндери калтырап, кирпиктери дембелеп ирмелип турду* (Байтемиров).

**ИРМЕМ: көз ирмемде, кирпик ирмемде** *же* **көз ирмемге келбей** Дароо, бат эле, кыска убакыттын ичинде, арыдан-бери. *Кирпик ирмемде аттап кетүү мүмкүн эмес эле* (Бейшеналиев). *Көз ирмемге келбей ал экөөнү паровозго тартып алды* (Абдукаримов).

**ИРМЕТ ирме** этишинин аркылуу мамилеси. *Эки көзүм ирметпей, Уйкумду алдың карылык* (Тоголок Молдо).

**ИРМӨӨ ирме** этишинин кыймыл атоочу. *Салима көзүн ирмөөгө да алы келбеди* (Абдукаримов).

**ИРРАЦИОНАЛИЗМ** *филос.* Таанып-билүүдөгү акыл-эстин ролун танган же чектеген философиялык метод.

**ИРРЕАЛДУУЛУК** *филос.* Реалдуулукка карама-каршы туруучу, турмушта кездешпей, кыялда гана болуучу нерсе.

**ИРРИГАТОР** Ирригация боюнча адис. *Суу ресурстарын толук пайдалануу үчүн ал-*

*дыңкы ирригаторлордон үйрөнүп, алардан кеңеш алып турамын.*

**ИРРИГАЦИЯ** Түшүмдүүлүктү көтөрүү максатында суу жетишсиз жерлерге суу жеткирүү, суу менен камсыз кылуу, сугаруу иштеринин системасы.

**ИРРИГАЦИЯЛЫК ирригация** дегенге таандык. *Ирригациялык тармактар. Ирригациялык каналдар.*

**ИРСААЛЫ** Китепче, дин ажыттары жазылган китепче. *Анын анык эле календер экенине кийген кийми гана эмес, сол жагына асынган жыландын кабак сыяктуу башы, баштыкка салып оң жагына асынган «Ирсаали» китеби, колундагы аса-мусасы, ийнине асынган жаман куржуну да күбө болгонсуп турат* (Жантөшев).

**ИРҮҮ ири II** этишинин кыймыл атоочу.

**ИРЭЭЛ** От араба, поезд. *Армияга арнайлы, Жөнөтөлү ирелге. Биз да курал кармайлы, Качырып жоого киреrде* (Тоголок Молдо). *Ошон үчүн Жалал-Абад аталды, Мындан кийдик жибек, шайы чапанды. Ирээл аттуу от араба келгенде, Таң калганмын кармап улам жакамды* (Чоробаев).

**ИРЭЭНЖИ** *туурасы:* **иренжи.**

**ИРЭЭТ** *туурасы:* **ирет.**

**ИС** 1. Искөө сезимине таасир кылуучу кандайдыр бир жыт. *Бак-дарактар, көк майсаң чөптөр истерин аңкытат.* 2. Көмүрдүн чала күйгөндүгүнөн пайда болуучу ууландыруучу газ. *Ис уруптур кепе тамдан, Арууке кыз өлүптүр* (Токомбаев).

**ИСИРКЕК** Денеге ыйлаактап, майда-майда бүдүр болуп чыккан ысык, бүдүрөйүп, ыйлаактанып, майда-майда болуп чыккан жара. *Жаш бала катуу тердегенде денесинде майда исиркектер пайда болот да кычыша баштайт* («Ден соолук»).

**ИСИРКЕКТЕ** Денеге исиркек чыгуу, исиркек пайда болуу. *Билегинин үч-төрт жеринде исиркектеген темгил тактарды көрүштү* (Бейшеналиев).

**ИСИРКЕКТЕН исиркекте** этишинин аркылуу мамилеси. *Грипп менен ооруган адамдын эрдинде кээде исиркектенген учук чыга калат* («Ден соолук»).

**ИСИРКЕКТӨӨ исиркекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ИСКЕ** Жыттоо. *Сулай эне небересинин ээгин өйдө жөлөп туруп, алкымынан искепискеп алды.* (Таштемиров). *Кер кашка окуранып, Тойчубектин этек-жеңин искеди* (Баялинов). *Шарип жалбырактардын он чактысын жыйды да жытын искеди* (Бейшеналиев).

**ИСКЕК** Көбүнчө кашты терүүгө ылайыкталып жасалган кичинекей кыпчуур. *Сакал, мурут, чач койбой, Маңдайына каш койбой, Искек менен тергиле* («Курманбек»).

**ИСКЕКТЕ** 1. Кашты, чачты ж.б. искек менен терүү, искекти колдонуу. *Адамды койдой кердирген, Искектеп чачын тердирген* (Барпы). 2. Жүндүн, тыбыттын арасындагы кылдарын терүү, кылын арылтуу.

**ИСКЕКТЕЛ искекте** этишинин туюк мамилеси. *Кашы искектелип абдан ичке терилген.*

**ИСКЕКТЕТ искекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИСКЕКТӨӨ искекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ИСКЕНЕ** Ургулап жыгачты оюу үчүн колдонулуучу тешкич металл курал, аспап. *Искене менен көзөдү.*

**ИСКЕТ иске** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИСКӨӨ иске** этишинин кыймыл атоочу,

**ИСКУССТВО** 1. Чындыкты көркөм образдарда чыгармачылык менен көрсөтүү, көркөм чыгармачылык өнөрү. *Искусство – коомдук аң-сезимдин бир формасы.* 2. Көркөм чыгармачылыктын бир тармагы. *Сүрөт искусствосу. Сахналык искусство.* 3. Кылдаттык, чебердик, устаттык. *Ар бир агитатордун искусствосу аудитория менен байланыша билүүдө.*

**ИСКУССТВОВЕД** Искусство таануу боюнча адис. *– Мен архитектор же искусствовед болбосом, сизге кайдан жардам тийгизмек элем, – деп Жумагүл жанына келип отурду* (Шимеев)

**ИСЛААТ** *диал.* Жер реформасы; Совет бийлиги тарабынан 1921–1923-жж. мурунку байлардын ээлеген жерлерин кедей дыйкандарга алып берген экономикалык чаралар. *Айтылды калкка жер ислаат, Айтылды Кеңеш мыйзамы, айтылды далай масилаат (Байзаков).*

**ИСЛАМ ‖ ЫСЛАМ** Ислам дини. Мусулмандар тутунган дин. Анын негиздөөчүсү Мукамбет (Мухаммед) пайгамбар болуп саналат. *Ислам динге салат деп* («Манас» С.О.).

**ИСЛАХ ислаат** менен бирдей. *Кийин жер ислах жүрдү. Бул тарыхый зор окуяны Миңбай өз айлында революциячыл отряддар, кедейлер менен бирдикте жүзөгө ашырышты* (Абдыраманов).

**ИСМАИЛИТТЕР** VIII кылымдын экинчи жарымында араб халифатында пайда болгон жана мусулманчылыкка кеңири тараган шийит сектасынын жактоочулары.

**ИСМИ // ИСМИ АГЗАМ** Улуу даражалуу ат, кудайдын аттары аталган дуба. *Исми агзам дубалап, Адырга чыкты таянып* («Эл адабияты»). *Түн ортосуна чейин исми агзам дубасынан бир нечесин кабаттап окуп, бир канча ырым-жырымдарды жасаган* (Баялинов).

**ИСПАРАС** Иса пайгамбардын динииндеги деген мааниде. *Испарастардын сыйынган үйүн, мусулмандардын мечитин (Акбар султан) жанаша салдырган. Бири бирине үйүр алыштырган* (Касымбеков).

**ИСПАРЕК** Өсүмдүктүн бир түрү.

**ИСТЕРИЯ** Нерв оорусу, нервдин күчтүү

дүүлүгүүсүнөн улам талма сыяктуу кармап, калтырап-титиреп, ый аралаш каткырып туталануу.

**ИСТОРИЗМДЕР** Белгилүү тарыхый доордо кеңири колдонулса да, кийин колдонулуудан негизинен чыгып калган, ошол мезгилге тиешелүү окуяны баяндаган чыгармаларда гана учуроочу айрым сөздөр. Мис., *чергү, тай туяк, жаа, жан казан, кисе* сыяктуу сөздөр.

**ИСТОРИОГРАФИЯ** *тар.* Тарыхый билимдердин өнүгүшүн изилдөөчү илим, о.э. белгилүү бир темага, тарыхый доорго арналган изилдөөлөрдүн жыйындысы.

**ИТ** 1. Адамдар үй, короо кайтартуу үчүн, мергенчиликке алып чыгуу үчүн ж. б. максаттарда пайдалануучу карышкырлар тукумуна кирүүчү үй айбаны. *Баш көтөрүп ит үрбөйт, Калгандай жини кагылып* (Жантөшев). *Короочу иттердин анда-санда үргөнү болбосо, түн тынчтыкта* (Каимов). *Ит агытып, куш салган, Сөөлөттү мага ким койду* (Бөкөнбаев). 2. Мүчөлдүн он биринчи жылынын аты. 3. Жаман көргөндүгүн, жамандыгын билдиргенде, тилдегенде, жекиргенде ж. б. колдонулат. *Жок экен аба, жок экен, Акыл иттин намысы* (Жантөшев). *Жаман менен жакшыга, Жалакор болсоң ит болдуң* (Токтогул).

**ИТ АГЫТУУ** Тайган менен мергенчилик кылуу.

**ИТ АЗАБЫН КӨРҮҮ** Аябай кыйналуу, өтө кыйын, оор абалга туш келүү. *Өлгөндөн калганыбыз ит азабын көрүп, минтип кайра келдик* (Саатов).

**ИТ АЙБАТ** *к.* **доңуз айбат.**

**ИТ АЛГАН ТҮЛКҮДӨЙ БОЛУУ** Жеңилиштен шылкыюу, кудуретсиз абалда болуу. *Эгер текшерүүчүлөр бүгүн келип калышса, анда ит алган түлкүдөй болмокпуз* («Чалкан»).

**ИТ АРКА** Ынтымаксыздык, ыркы жоктук, ич ара пикир келишпегендик. *Таякем кечээ биздикине келип кетти. Активдерибиз ит арка дейт* (Сыдыкбеков). *Ит арка бүлө ооздон сөзүбүздү талашып, душманга туш ачып берди* (Өгөбаев). *«Мени киши катарынан чыгарыпсыңар»деп ит арка болуп көчтү да кетти* (Үмөталиев). *Бирин бири жактырбаган ит арка, тим эле ит менен мышыктай ыркырашкан немелер экен* (Бердикеев).

**ИТ АТАСЫН ТААНЫБОО** Өзүнөн улууну сыйлабоо, башканы (айрыкча чоочун кишини) урматтабоо. *Ит атасын таанybaйт: булар чын эле иттен тараган немелер окшойт* (Касымбеков).

**ИТ АЯК** Итке тамак куюп берилүүчү идиш.

**ИТ АЯК КЕЧИРҮҮ** Жаш баланы ит аяктан аттатып, бирөөнүн сугу түшөрлүк, көзгө урунарлык эчтекеси жок деп көрсөтүүгө багытталган ырымдоо.

**ИТ БАЛДАК** 1. Колдорун суудан чыгара кулач таштап, кенен шилтебей, алдын карай челе таштап чабак уруунун, сууда сүзүүнүн бир ыкмасы, түрү. 2. Арышын керип, арышын кере-кере таштап, улам кызый чуркоо деген мааниде (көбүнчө жылкыга карата) колдонулат. *Учкаша минген бууданы, Ит балдак уруп келатат* («Мендирман»). *Ит-Кечпестин Кара-Суу, Ит балдак уруп жоголду* («Семетей» С.К.).

**ИТ БОЛУУ** Шылдыңга калуу, айыбы ачылып уяты чыгуу, абийири төгүлүү. *Кагылып кетейиндер, мен ит болдум, өлтүрө көрбөгүлө, мал-башым тартуу* (Саатов).

**ИТ ЖАЛАП КЕТКЕНДЕЙ** Тып-тыйпыл, эч нерсеси калбагандай, орду-түбү менен жок кылгандай. *Ошол күнү карасам, коругумду ит жалап кеткендей, чөп деле өспөй калган экен* («Кыргызстан маданияты»).

**ИТ ЖАНДУУ** Чыдамкай, ар кандай кыйынчылыкка, кыйноо-кыстоого туруштук бере ала тургандай, чыдамдуу. – *О-о, ит жандуу кайраным а! Дагы гөрдөн туруп келгенби?! – деп жиберди* (Касымбеков). – *Ит жандуу ургур окшойт, – деп олунуптур* (Бейшеналиев). *Мурун эле ушул сыяктуу оорунун белгилери белгилүү болгонуна моюн бербей ит жандуу болуп жүрө берген* (Бердикеев).

**ИТ ЖАТАК** Кар жаткан жердин ар кайсы жери карарып, кары кетип калган дөңчөлөрү. *Жака-түздөр ала-телек болуп ит жатактап калган* (Убукеев).

**ИТ ЖЕБЕГЕН БОКТУ ЖЕШҮҮ** Оозго алгыс жаман сөздөр менен бири-бирин ашатып сөгүшүү, тилдешүү. *Жаңжал башталды: эки сугатчы ит жебеген бокту жешти* («Чалкан»).

**ИТ ЖУМАЛАК БОЛУШУУ** Улам бирин экинчиси жыгып алуу; улам бири артыкчылыкка ээ болуп туруу (бирок эч кимиси жеңишке жетишпөө), бири экинчиси менен катуу кармашкан абалда тоголонуу, кулоо. *Жолборс бар күчү менен булкунду. Экөө кериден ит жумалак болушту* (Көчкөнов).

**ИТ ЖЫГЫЛЫШ** Күрөшкөндө кимиси жыгып, кимиси жыгылганы ачык болбой, аны аныктоого мүмкүн болбогон, тең тайлашкан абал, тең жыгылыш. *Экөө бой тиреше түшүп, күрөшө кетишти: экөө буйдалакташып калышты... «ит жыгылыш»* (Өмүрбаев). *Ит жыгылыш болуп калды, кайра күрөшкүлө.*

**ИТ КЕЛДИБИ, КУШ КЕЛДИБИ ДЕБӨӨ** Эч көңүл бурбоо, назар салбоо. – *«Ия бу не кылганың?! Ит келдиби же куш келдиби дебей, ыя?! – деди дили кара болуп* (Касымбеков). *Бюрократты билбеген киши жок: ит келдиби, куш келдиби – ал үчүн бир, иши жок* (Борбугулов).

**ИТ КӨЙНӨК** Жаңы төрөлгөн балага кийгизилип, кырк күндөн кийин чечилүүчү жеңи узун көйнөк.

**ИТ КӨРБӨГӨН КОРДУКТУ КӨРСӨТҮҮ** Аябай кыйноо, катуу кысымга алуу, ызалоо. *Бир ай бою Күласылга ит көрбөгөн кордукту*

*көрсөттүм* (Осмоналиев). *Эми Орозкул суудан кайра кууп чыкпаса экен, элдин көзүнчө ит көрбөгөн кордукту көрсөтпөсө экен* (Айтматов).

**ИТ КӨРБӨГӨНДҮ КӨРҮҮ** Көрбөгөн азаптозогу калбоо, адам чыдагыс кордуктарды, кыйынчылыктарды башынан өткөрүү. *Токтор Өмүрзак байдан ит көрбөгөндүн баарын көрдү* (Абдукаимов). *Опол алты ай бою ит көрбөгөндү көрүп, Тайбаскулдун туткуну болуп жаткан* (Осмоналиев).

**ИТ КӨРГӨН КАРМҮШТӨКТӨЙ** Үрпүйүп, түгү сыртына чыгып, ачуусу келип же үшүп деген маанилерде колдонулат. *Ал унчукпай аттан түштү да, кабагын түйүп, ит көргөн кармүштөктөй үрпүйүп басып келди* (Айтматов).

**ИТ КУЙРУГУН ТҮЙҮШТҮРҮҮ** Бирин-бирине кайраштыруу, араздаштыруу. *Ит куйругун түйүштүрбөй тынч жүрсөңчү.*

**ИТ-КУШКА ЖЕМ БОЛУУ** Талаада өлүп, сөөгү көмүлбөй калуу. *Батийнадай келини бар Кыдырбай ырыстуу тура, ит-кушка жем болбой, сөөгү жерге жашынды* (Сыдыкбеков). **В.: Карга-кузгунга жем болуу.** *Азган-тозгон шордуулардын далайы карга-кузгунга жем болду* («Ала-Тоо»).

**ИТ КЫЛУУ** Катуу уятка калтыруу, абийирин кетирүү, маскара кылуу. *Ой, кой, байке. Ит кылба. – Чыны менен сестенди Жаныбек* («Ала-Тоо»).

**ИТ МЕНЕН МЫШЫКТАЙ** Бири-бирине абдан өч, ынтымагы жок. *Ал экөөнүн ымаласы ит менен мышыктай экенин өзүң деле байкап калгандырсың?* (Саатов). *– Зулайка менен келини ит менен мышыктай деп уктум эле, – деди Шайлоо жолдо бара жатканда шоферуна карата үн катып, – мамилелери оңдолушкан го дейм, ыя?* (Медетов). *Бирин-бири жактырбаган ит арка, тим эле ит менен мышыктай ыркырашкан немелер экен* (Бердикеев).

**ИТ МУРУН** *же* **ИТ МУРУТ** Байлаган ашы бышканда кызыл түстө болуучу жапайы өскөн тикендүү бадал өсүмдүк. *Сары жыгач, чычырканак, ит мурун, Тулку бою миң сандаган ийнелер* (Калык). *Алмурут чыккан жерлерге, Ит мурун чыгат дечү эле* («Манас»).

**ИТ ООРУ** Кандайдыр бир кайталанма жаман адат, кара мүртөздүк, жаман кылык-жорук. *Кедейдин күлүк аты, жакшы жары болсо, көз арткан бай-манаптын ит оорусу бар эле* («Ала-Тоо»). *Сен баягы ит ооруңду карматкан турган экенсиң го, үйүмдөн даам сызып олтуруп* (Баялинов). *Бирөө мактап койсо, көтөрүлүп кетме ит оорум бар* (Үмөталиев).

**ИТ ӨЛГӨН ЖЕР** Абдан кыйынчылык менен зор чыдамкайлык жана эрдик көрсөтүүнүн натыйжасында гана жете ала турган жер же татаал иш. *Искак ит өлгөн жерге жароочу азамат эле, дагы кереги тиер дешкен го* («Чалкан»). *– Ит өлгөн жер болсо эле мени жумшоочу болдуңар* (Каимов).

**ИТ ӨЛҮК КЫЛУУ** 1. Абдан уят кылуу, маскаралоо, абийирин кетирүү. *Эл алдында ит өлүк кылды.* 2. Бирөөнү акыл-эсин жоготконччо абдан катуу сабоо, тепкилөө, көк ала койдой союу. *Мунун кайсы күнөөсү үчүн мынча ит өлүк кылышкан?* («Ала-Тоо»).

**ИТ ӨЛҮМ** Абдан катуу кордук көрүп, кыйналып, маскараланып өлтүргөн өлүм. *Кулактардын козголоңуна катышып, ит өлүмү менен өлүптүр* (Абакиров). *О, ит өлүмдү Качике жакшы түшүнөт* (Абдукаимов). *– Буларга убал жок, бир өлмөктөн үч өлсүн! Ит өлүмүн кылабыз деди* (Үмөталиев).

**ИТ ТАЛАГАН ТҮЛКҮДӨЙ БОЛУУ** 1. Туш тараптан кагуу жеп, шылдың болуп, өтө ыңгайсыз жаман абалда калуу. *Орду жок сөздү көп айтып, ит талаган түлкүдөй болду.* 2. Самсаалап, салбырап эч нерсеси калбоо, жок болуу, тымтыракайы чыгуу, тамтыгы кетүү. *Байкуштун үйүн ит талаган түлкүдөй кылып кеткен экен... муну өзү кийин билиппшр* («Кыргызстан маданияты»).

**ИТ ТАРТЫШ** 1. Аркандын эки учуна эки киши байланып алып, белгилүү чектен ашыра бири-бирин сүйрөп тартып кетүүчү улуттук оюн, аркан тартмай. *Башташып мындан кийин ит тартышты, Аркандап сүйрөп жатты бири-бирин* (Маликов). *Атала баш ит тартыш, Андан кийин жөө жарыш* («Манас»). 2. Ич ара пикир келишпегендик, ыркы жоктук, ынтымаксыздык. *Эми көрүп алабыз, ордодо дагы ит тартыш чыгат* (Касымбеков). *Ит тартышы бүтчү беле ордоңуздун! – деди Бекназар* (Касымбеков).

**ИТ ТЕРИСИН БАШЫНА КАПТОО** Абдан кордук көрсөтүү, катуу ызалоо. *Болуш Тыныбектин ит терисин башына кийгизип туруп айлына жибермек* (Каимов). **В.: Ит терисин башына кийгизүү.**

**ИТ ТЕРИСИНЕН ЖЕК КӨРҮҮ** Абдан жаман көрүү, аябай жек көрүү. *Мен аны башынан эле ит терисинен жек көрөм* («Советтик Кыргызстан»).

**ИТ УРУШУ** Тандалган жоокерлер тобунун көп колдун алдына түшүп качып берип, улам жеткени менен кармаша кетип, кайра качуусу. Бул ык (тактика) урушууга тең келе албаган учурда аз колдун (же көчтүн) узап кетиши үчүн жоону алаксытуу максатында колдонулат. *Ит урушун салалы* («Манас» С.К.). *Азизкандын Алмамбет, Ит урушун салууга Бура тартып калды эми* («Манас»).

**ИТ ЧАПКАНДЫН КЭЭРИ БАР** Ичинде ойлоп жүргөн, сактап жүргөн кеги бар деген мааниде. *Ит чапкандын кээри бар. Бул жорукту бий жөн эле иштеген жок* (Убукеев).

**ИТ ЫРКЫРАК // ИТ ЫРКЫРАК КЫЛУУ** Бөлүп-жарып араздаштыруу, ыркын, ынтымагын кетирүү, эл ичин бузуу. *Билермандарынан калыстык кетип, эл ичин ит ыркырак кылып турушкан кезде, Токтогул атайын кыргыз-кыпчак эли деп журттун*

*жалпы наамын көтөрүп, улуттун улут катары биримдигин үндөп, байыркы өткөн саналуу адамдарын дастан кылып жайды* (Касымбеков). *Ынтымагы ташталат, Ит ыркырак башталат* (Касымбеков).

**ИТ ЭНЕГИН КЕСКЕНГЕ ҮЙҮР** Кээ бир адам өзүн кордогон, ызалаган кишиге жалпылдай берет, өзүн кордоп атса деле, ошого барып көшөкөрлөнө берет. Мына ушундай адамдарга карата жогорку накыл сөз колдонулат. **В.: Ит куйругун кескенге үйүр.**

**ИТААЛЫ** Эпостордо, жомоктордо айтылуучу эркеги ит кейпиндеги, аялдары кадимки киши кебетесиндеги калк. *Эргежээли, итаалы, Катыны адам, эркеги ит* («Семетей»).

**ИТААТ** Моюн сунуу, багынуу. Бул сөз илгерки падыша өкмөтүнө кыргыздар тарабынан жазылган өтүнүчтө колдонулган.

**ИТАБАР** 1. Бир топ, бир далай, бир кыйла, көп. *Бул мезгилдин ичинде итабар өзгөрүүлөр болду* («Ала-Тоо»). *Жаргат менен Ит-Агач, Ара конуп жетесиң, Арасы алыс итабар* (Токтогул). 2. Катуу, кыйын. *Суук да итабар болуп турат* (Байтемиров).

**ИТАПКАН** Итабар, бир топ, бир кыйла, бир далай, көп. *Колхоз менен тиги туура жакта агып жаткан чоң суунун аралыгы итапкан эле ыраак* (Таштемиров).

**ИТАТАЙЫ ТУТУЛУУ** Жини келүү, кыжыры кайноо, ачуусу келип туталануу. *Шайы оогон адамча илкий бараткан Акматты көрүп итатайы тутулду* («Кыргызстан маданияты»). *Ал эми айтып отурушса, кантип итатайың тутулбайт?. Мышыктын өлүгүн көрөйүн, ушундан кийин мышыкты көрсөм эле итатайым тутулуп, бүткөн боюм дүргүлдөй түшөт* (Борбиев). *Бирок, ошентсе да, тигинин итатайы тутулуп, бир топ мазесин кетирүүгө жарады* (Исмаилов). **В.: Итатайы тута түшүү.** *Анын да итатайы тута түштү: силерди ким чакырды? Кеткиле азыр!...* (Жигитов). **Итатайы кармоо.** *Менин да итатайым кармай калып, чалга терс аяктык кылдым* (Жигитов). **Итатайы келүү.** *Чынын айтсам, анын мамилесине итатайым келип кетти* (Бердикеев).

**ИТЕБАР** *туурасы:* **итабар.**

**ИТЕЙ** Кунарсыз, жүдөө кебетеде, итирейген көрүнүштө болуу. *Итейген чалга бергенче, Ичимди жарып сууга сал* (Каралаев). *Көкө корозду итейген жаман уйкананын каңгы бурчуна бекитип чыкты* (Касымбеков).

**ИТЕЛГИ** Жемин тээп түшүрүп алуучу алгыр куш. *Атам ителгинин балапанын кармап келди* (Каимов).

**ИТЕЛГИ ТИЙГЕН ТААНДАЙ КЫЛУУ** Шаштысын кетирүү, айласын түгөтүү, чакчелекейин чыгаруу, алек-челек кылуу. – *Сарбала Орозбайды ителги тийген таандай кылды го, – деди Омор* (Өгөбаев).

**ИТЕЛЕ** *диал.* 1. Түрткүлөө. 2. *өт.* Аргасыз кылуу, мажбурлоо. *Балдарды ителеп көп жумшаган орой жексурлар да жок эмес* (Сасыкбаев).

**ИТЕН** Алдын карай жүткүнө теминүү (көбүнчө атчан киши жөнүндө).

**ИТЕР** Түртүп жиберүү. *Чынар Токторду итере салат* (Бөкөнбаев). *Мыктыбек итергениме болбой, токтой калып мени карады* (Касымбеков).

**ИТЕРИП** Түртүп.

**ИТЕРТ итер** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИТЕРҮҮ итер** этишинин кыймыл атоочу.

**ИТЕТАЙ** *туурасы:* **итатай.**

**ИТИ МАЙ ЖЕБЕГЕН** Тамак-ашы кеңкесири, байлыгы мол, чириген бай, дөөлөттүү, мал-мүлктүү.

**ИТИЙ** Организмдеги минералдардын алмашуусунун бузулуу натыйжасында сөөк жана нерв системаларындагы өнүгүштүн бузулушу менен мүнөздөлүүчү балдар оорусу, рахит. *«Д» витамини жетишсиз болсо, итий оорусу пайда болот* («Ден соолук»). *А балдарынын көбү териси сөөгүнө жабышып куу далы, ийнеликтей чилмийип итий деген ооруга жолугушчу* (Сыдыкбеков).

**ИТИРЕЙ** Илмийген арык, жүдөңкү көрүнүштө болуу. *Итирейген каракчы, арыкта суу ылай болуп калыптыр, дарыядан барып суу алып кел* (Турусбеков).

**ИТИРЕҢДЕ** Тиртеңдеп үтүрөңдөгөн, кыжырланган кебетеде болуу. *Итике итиреңдеп ордунан тура калды* (Убукеев). *Жүр, сенин сакалыңды бир-бирден жулуш керек! – деп Айдараалы Кулбашка итиреңдеди* (Абдукаримов).

**ИТИРЕҢДЕТ итиреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ИТИРЕҢДӨӨ итиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ИТИРКЕЙИ КЕЛҮҮ** 1. Денеси дүркүрөгөн жагымсыз сезимде болуу. *Итиркейин да келтирет, моокумун да кандырат* (Жигитов). *Жанына жакындап, эркелейин деп кыйшаңдаган сайын, боюм дүркүрөп, итиркейим келет* (Абдукаимов). *Эстебейин десем деле эсимден кетпейт, итиркейимди келтирип* (Бердикеев). 2. Кыжыры келүү, ачуусу келип туталануу. *Токо болуштун кабагына кар жаап, болбогон нерсеге итиркейи келип, кылдан кыйкым таба албай турган кези* (Үмөталиев). *Бүбүкан тил кайырбаган сайын, Калыйча күчөп, андан бетер итиркейи келет* (Абдукаимов). *Эмнегедир итиркейим келип, Калбүбүнү жеп жиберчүдөй тиктей бердим* (Бердикеев). **В.: Итиркейди келтирүү.** *Мага, тескерисинче, анын ар бир сөзү темирди тырмак менен чыйкылдатып тырмагандан бетер итиркейимди келтирип, жол өмүр бою бүтпөөчүдөй сезилип келе жаттым* («Ала-Тоо»).

**ИТКЕ МИНГЕН КЕДЕЙ** Адалдан түгү жок, колунда эч нерсеси жок, абдан алсыз, өтө

жарды. *Нурбай дагы итке минген кедейдин бири* («Жаш Ленинчи»). *Итке минген кедей кезим эле, койлуу боломбу деп, атыңды Койлуубай койгом* (Шүкүрбеков). **В.: Итке минген томаяк.** *Итке минген томаяктар да малдуу кишилерден саан алышып, мында көчүп келишкен* (Каимов).

**ИТКЕ МИНГИЗҮҮ** Жарды кылуу, өтө жакырлантуу, мүңкүрөгөн, айласыз абалга дуушар кылуу. *Опол башкарган элден адалдан түк койбой итке миңгизери жөнүндө макулдашкан* (Осмоналиев).

**ИТКЕ МИНИП КАЛУУ** Колдо болгон нерсесинин бардыгынан, мал-мүлкүнөн, ж.б. ажырап өтө жардыланып, жоксуз болуп калуу. *Бий, болуштардын ырамат, налогдору көз ачылбай отуруп, биз түгөл итке минип калдык* (Элебаев). *Адалдан түгү жок, итке минип калган томаяктар да малдуу кишилерден саан алышып, мында көчүп келшикен* (Каимов). *Налогдон көз ачылбай отуруп, биз түгөл итке минип калдык* (Элебаев). **В.: Итке минүү.** *Алсыздары кайың саап, кыздары шимүүр шимип, эл жардылыктан итке минип азып-тозду* (Токтогул). *Анын тээ илгерки ата-теги да жалкоолугунан итке минип кедей болгонунан тарта эч мүдүрүлбөй жатка айтып чыкты* (Акматов).

**ИТКЕ ЫРГЫТКАН СӨӨКТӨЙ КЫЛУУ** Катарга кошпоо, бөлүп таштоо. *Өзүңөр жакшы болуп кана мени итке ыргыткан сөөктөй кылып таштап койгон экенсиңер го?* (Абдукаимов).

**ИТКЕЛ эткел** менен бирдей. Жаңы этти кайнатканда сорпосунун үстүнө чыккан көбүк, чий көбүк. *Сорпонун иткелин калпып таштады.*

**ИТТЕЙ** 1. Ит сыяктуу, итке окшош. *Алышкан иттей улудум, Ажырап оокат жайымдан* («Кедейкан»). 2. Кандайдыр бир окуяга, көрүнүшкө ж. б, күчөтүү маанисин берүүдө колдонулат. *Ушунда бир оңбогур бозо ичип келе коёлу деп азгырып, кечээ күнү иттей уят болуп калбадыкпы!* (Убукеев).

**ИТТЕН АРЗАН** *к.* **текейден арзан.**

**ИТТЕН ИЛГЕРИ, КИШИДЕН КИЙИН** Эптеп күн көргөн, турмушу начар, жармач. *Бул бечаралардын абалын кандай десек, иттен илгери, кишиден кийин, Ушинтип жүрүп жетилип да кетер* («Ала-Тоо»).

**ИТТЕН ЧЫГАРУУ** Эптеп жөнөтүү, көңүл сооротккон курулай сөздөр менен жолго салуу. *Көрсө жөн эле иттен чыгарыптыр, ага деле кейибедик* («Чалкан»). *Төрөбековдун бул эмне кылганы? Эмне деп иттен чыгарганы? Эшик-төрдөй, алакан отундай жерде маңдайтескей канатташ отуруп, бири-бирибизди алдай беребизби?* (Егиналиев).

**ИТТИК** Эң жаман иш иштегендик, акмактык, жамандык, акылсыздык, адепсиздик. *Садагаң кечир, иттик менден кетти* (Жантөшев). *Иттигимди билбесин, Журт ушактап күлбөсүн* («Эр Төштүк»).

**ИТТИН АРТКЫ ШЫЙРАГЫНДАЙ БОЛУУ** Катуу уятка калуу, шылдың болуп маскарасы чыгуу. *Мени ошол жерде сени ээрчип барган каракчыча да көрбөй, иттин арткы шыйрагындай болуп кайра келем го ыя?!* (Өзүбекова). *Аны иттин арткы шыйрагындай эле көрөсүң го деп күлдү* («Ала-Тоо»). *А иттин арткы шыйрагындай болгон неме* (Абдукаимов).

**ИТТИН КАРА КАПТАЛЫНАН** Абдан көп, болжолсуз көп. *Бул жерде эски чылыктар, жаңы былыктар иттин кара капталынан* («Чалкан»). *Канжыгамда жаман сумкам бар, анын ичинде дары-дармек, спирт деген неме иттин кара капталынан* (Бердикеев).

**ИТТИН МУРДУ ӨТКҮС** Абдан калың, киши жүрө алгыс, түнт (көбүнчө токой, бадал өсүмдүктөрүнө карата). *Иттин мурду өткүс жерге келдик. Иттин мурду өткүс чытырман токой.*

**ИТТИН ҮНҮ УГУЛГАН ЖЕР** Анчалык алыс эмес, жакын эле аралык. *Ушул иттин үнү угулган жерден кантип барбай калалы, жүр кеттик* («Ала-Тоо»).

**ИТТИН УУЛУ БАЙКАРА** Көрүнгөн киши, ким көрүнгөн адам аттуунун баары. – *Ушуну да билбейсиңби? Муну иттин уулу Байкара деле билет,* – деп мени жемелеп кирди. *Мындайды иттин уулу Байкара деле кийип жүрөт, мен айткан такыр башка,* – *деп жеңем байкеме таарына баштады* («Чалкан»). **В.: Иттин уулу байбарак, күндүн уулу гүлбурак.**

**ИТТИН ЧҮКӨСҮНДӨЙ** Кебете-кешпири жаман, чүрүшкөн, жагымсыз, көзгө толумдуу эмес. *Иттин чүкөсүндөй болгон неме экен* («Чалкан»).

**ИУДАИЗМ** *филос.* Эң байыркы диндердин бири. Ал биздин заманга чейин XIII кылымда еврейлердин улуттук дини катары пайда болгон.

**ИХТИОЛОГ** Ихтиология жагынан адис.

**ИХТИОЛОГИЯ** *а.ч.* Зоологиянын балык изилдөө бөлүмү.

**ИЧ I** 1. Адамдын, жаныбарлардын ичек-карын орношкон бөлүгү, курсагы. *Көзүң ооруса– колуңду тый, ичиң ооруса – тамагыңды тый* (макал). *Эчтеме ичпей ичиңер каарылып кетти го* (Жантөшев). 2. Курулуштун, имараттын же башка нерселердин ички бөлүгү, ички тарабы. *Үйдүн ичи жымжырт* (Сыдыкбеков). *Бөлмө ичи жыпжылуу, таптаза* (Байтемиров). *Мыскалдар ичке киришти* (Сыдыкбеков). 2. Кездеменин же кийимдин сыртына карама-каршы жагы, кийимдин астары. *Ичин кымбат иштеткен, Сырттаным сапар кетет деп, Жыйнап алып Кенжеке, Сан келинге тиштеткен* («Эр Төштүк»). 3. Элдин, көпчүлүктүн, токойдун, кандайдыр бир көп нерсенин ж.б. арасы. *Эл ичинен көп карайт, Элдияр, Эрмек ынагын* («Эр Табылды»). *Жылтырайт бак ичинен айдын көзү, Узарган алда кайда көлөкөсү* (Шүкүрбеков). *Астынан эсеп*

*жеткис жылкы айдатып, Ичинен тулпар тап деп кыйноо салды* (Осмонов). 4. Белгилүү бир мезгил аралыгын, убакыт мезгилин, жашты көрсөткөн убакыт өлчөмүн билдирүүдө колдонулат. *Курманбектин салдырган жайы эки жыл ичинде бүттү* («Курманбек»). *Түн ичинде уйкум жок* («Эр Төштүк»). *Он жети-он сегиздин ичинде* (Нуркамал). *Түн ичи ай асманда жарык берген, Келин-кыз, боз уландар баары келген* (Шамшиев). *Аз эле күндүн ичинде, Арык мал түйлап семирген* (Үсөнбаев). 5. Башкаларга белгилүү болбогон, ачык сыртка чыгарылбаган ой-пикирди, көңүл жайын, абалды билдирүүдө колдонулат. *Арманым калды ичимде* («Семетей»). *Ичиңде бузук турат, сыртын көрчү, Чын эле досуңсунат байкуш сенин* (Токомбаев). *Ичинен көрсөтөм деп саган бирди, Кызыл чок жүрүп кетти туталанып* (Турусбеков).

**ИЧ II** 1. Суюктукту же суюк тамакты жутуу. *Тамактай көрбө бозону, Тарта ичкиле ошону* (Шүкүрбеков). *Аба жуттум, кымыз ичтим, эс алдым* (Үмөталиев). 2. Тамактануу. *Отур, тамак ич* (Жантөшов). *Жеңең бирдеме ичтиби* (Жантөшев). *Тамак ичип алып, мектепке келгиле* (Байтемиров). *Аштык көп болуп, эки жыл ичпейт* (макал). 3. Өсүмдүктөр тарабынан сууну керектөө, өзүнө кабыл алуу, сиңирүү. *Канып ичип бак-дарак гүлдөп турат* (Үмөталиев). 4. *сүйл.* Ичимдик жутуп коюу, ичкиликке көбүрөөк берилип же кызыгып кетүү. *Кичине ичип койдум эле. Ал ичип кетип, кызматынан түшкөн.*

**ИЧ АРА** Тымызын, акырын, астыртан. *Мындан жети-сегиз жыл мурун экөөбүз ич ара ымалага келип, катташа баштадык* (Жусупов). *Мусакожонун ортосунда инилери Султангазы, Калпанын ич ара бийлик талашуулары* (Бейшеналиев).

**ИЧ КҮЙГҮЗҮҮ** Көрө албастык, ичи тардык сезимин пайда кылуу. *Экөөнүн ушул ысык достугу айылдагы айрым адамдардын ичин күйгүзөт, арам оюн козгойт* («Ленинчил жаш»).

**ИЧ КҮЙДҮ** *к.* **ич күйдүлүк.**

**ИЧ КҮЙДҮЛҮК** Бирөөнүн ийгилигин, жетишкендигин көрө албастыктан, ыза болгондуктан, ардангандыктан пайда болгон ич тардык сезими. *Адегенде намыс кайнап, ич күйдүлүк болсо болор Барманда* (Сыдыкбеков). *Бизге жете албай өтө ызаланып, ич күйдүлүгү уламдан-улам күчөп жатат го* (Абдукаримов). *Кезек баарыбызга келет, эртеби-кечпи, баарыбыздын барар жерибиз чогуу, ич күйдүлүктүн кереги жок* (Абдукаимов). **В.: Ич күйдү.** *Кудай бизге берген бакты, Көрө албаган ич күйдү эшек кулактар* (Шүкүрбеков).

**ИЧ КҮЙҮҮ** *к.* **ичи күйүү.**

**ИЧ КҮПТҮ** Дилде, ичте сакталган таарыныч, нараазылык. *Ич күптүсү эми чыккандай көөдөнүн кере дем алды* («Ала-Тоо»). *Сөз аңдып контордон чыкпайт, Ич күптүсү барларга ыктайт* («Чалкан»). *Ашырбек нечен-нечен ич күптүсүн кыйкырып жибере жаздап, бирок ага оозу барбай ачуусун ошол тушта суу көтөрүп чукул келип калган аялын көздөй атырылтты* (Акматов).

**ИЧ ТАРДЫК** *к.* **ичи тардык.**

**ИЧ ТАРЛЫК** *к.* **ичи тардык.**

**ИЧ ЭТ** Союлган малдын ичеги карды, өпкө, жүрөгү сыяктуу ички эттери. *Ич эттерин баарысын Кулайымга берди эми* («Эр Төштүк»).

**ИЧЕ-КАРЫН** *сүйл.* **ичеги-карын** менен бирдей.

**ИЧЕГИ I** Адамдын, жаныбарлардын тамак сиңирип жана бөлүп чыгаруучу органдарына кирүүчү, узун ичке жумшак түтүкчө. *Бурма козунун ичегисин сыдырып жаткан* (Токомбаев).

**ИЧЕГИ II** Отту тутандыруу же жагуу үчүн майдалап кыска-кыска кесилген жыгач отун. *Арчалардын куураган бутактарын ичеги кылып тутантканда гана от алоолоңду* (Каимов).

**ИЧЕГИ-КАРЫН** Адамдын, жаныбарлардын ичеги, карын сыяктуу тамак сиңирүүчү органдарынын жалпы аты. *Ичеги-карды үзүлө тургансып ооруйт.* ‖ Союлган малдын, жандыктардын тамак катарында желе турган ичегилеринин, карындарынынын жалпы аты. *Союлган жандыктардын баш-шыйрагы, ичеги-карды өзүбүз үчүн эң сонун оокат болду* (Абдукаримов).

**ИЧЕГИСИ КААРЫЛУУ** *к.* **ичегисине кан жүгүрүү.**

**ИЧЕГИСИНЕ КАН ЖҮГҮРҮҮ** Өтө ачка болуу, аябай курсагы ачуу, кезээрүү, ачкалыкка чыдабай кетүү. *Чоң энем өзүнчө кобурап, өзөөрүп калдың го? Ичегиңе кан жүгүрүп кетпедиби, – дей бере турган* (Өмүрбаев). **В.: Ичегиси каарылуу.** *Бирдемең барбы, ичегим каарылып кетти* («Ала-Тоо»). **Ичи каарылуу.** *Эчтеме ичпей, ичиңер каарылып кетти го!* (Жантөшев). **Ичине кан жүгүрүү.** *Ичиңизге кан жүгүрүп кетпесин, чакырсам укпадыңыз* (Бейшеналиев). **Өзөгүнө кан жүгүрүү.** *Өзөгүнө кан жүгүрүп кетпесин деп, оромонун калганын, эски болсо да, жылытып бердим* («Кыргызстан маданияты»). **Өзөгүнө кан жүгүрүү.** *Уулуңуздун өзөгүнө кан жүгүрүп кеткенби дейм, бирде мени, бирде сизди жал-жал карап, анан көзүн жумат* («Ала-Тоо»).

**ИЧЕК** *сейр.* **ичеги I** менен бирдей.

**ИЧЕК-БООРУ КАТУУ** Аябай көзүнөн жаш чыкканча күлүү, күлкүсүн токтото албай ыкшуу. *Беркилери да ичек-боору катып аткандыр деп караса, алардын күлмөк-турмак быш дешкендей түрлөрү жок* (Кыдырмышев). *Анан директор өзүн токтото албай ичек-боору катып каткырып күлдү* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Ичек-боору эзилүү.** *Анын жоругуна күлө берип, ичек-боорубуз эзилип кетти* («Чалкан»).

**ИЧЕК-БООРУ ЭЗИЛҮҮ** 1. *к.* **ичек-боору катуу.** 2. Ичи ысуу, абдан жакшы көрүү, эл-

жиреп кетүү. *Баласынын өзүнчө кулдурап, бытырайган колдору менен бирдекелерди санаган болуп жатканын карап отурган эне ичек-боору эзилип, баласын бооруна бек кысып өпкүлөп жиберди* («Ала-Тоо»). **В.: Ичи-боору эзилүү.** *Аны көрүп ичи-боору эзилди* («Чалкан»).

**ИЧЕК-КАРЫН ичеги-карын** менен бирдей. *Эттин баарын ичек-карды менен казанга салдырышты* (Баялинов).

**ИЧЕКТҮҮ** 1. Ичегиси бар. 2. Ичегиден жасалган кылы бар. *Комузу бар колунда үч ичектүү* (Үмөталиев).

**ИЧЕР СУУ** Адамдын жашоосу, өмүрү, көрөр күнү. *Маани жайын байкасам, Ичер суум куруптур* («Мендирман»). *Менин дагы ичер суум бар экен* (Осмоналиев). *Тайбаскул чунактын дагы көрөр күнү, ичер суусу бар экен* (Осмоналиев). *Балам, сен капа болбо, атаңдын ичер суусу бар экен* («Ала-Тоо»). *Аттиң, кайран жигиттин ичер суусу аз экен* («Ленинчил жаш»). *«Ичер суум бар окшойт?!» деп тирүү калышына ишеним сызылып келип, эти ысып кетти* (Касымбеков). **В.: Ичер суусу, көрөр күнү.** *Баарыбызды ыйлатып, баарыбызды сыздатып кетти. Ичер суусу, көрөр күнү алдыда эле* (Мырзаев). *Дагы биртике ичер суусу, көрөр күнү бар экен, шордуунун* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЧЕРМАН** Тамак-ашты көп ичкен, көбүрөөк ичип-жеген, ичип-жегенди жакшы көргөн. *Ичерман бүлө*

**ИЧИ АЛА** Арам ойлуу, пейили бузук, ою түз эмес. *Ал булардын арасында ичи ала шумдар болбогой эле деп шекшинет* (Ашымбаев). *Байбагыш уулунан Конокбай менен Бообек экөөнүн ичи ала экени аныкталды* (Өгөбаев).

**ИЧИ АРАМ** *к.* **ичи бузук.**

**ИЧИ АЧУУ** 1. Кейүү, бирөөгө жан тартуу, боору ооруп аео. *Бир күнү жарган бээсине ээсинин ичи ачыды* (Тоголок Молдо). *Ал ыйлап кеткен, бирок анын көз жашына эч кимдин ичи ачыбады* (Жантөшев). 2. Кызгануу, ичи таруу, кыйылуу, өкүнүү. *Ичиң ачыса бербей эле кой* («Ала-Тоо»). **В.: Ичи ачышуу.** *Бекташ бемирен калсын, келин балама боорум ооруйт, ичим ачышат* (Кушубеков). *Кийин бир топ жылдар өткөн соң, агам аялы менен эки баласын таштап кеткенин угуп, чындап ичим ачышты. Шаардан, окуудан келген балдарды көргөн бул экөөнүн тең ичи ачышып, ошо балдарга көзү түшөт* (Өмүрбаев). **Ичи ачынуу.** *Кемпир береги аптыга айран ичип жаткан балага ичи ачына карап отура берди* (Өмүрбаев). *Сүттү арбын берүүчү эки уйду башка саанчыга өткөрүп бергенде ичи ачынып, кейип калды* (Убукеев). **Ичи ооруу.** *Ошого ичиң ооруп турабы? Анын кеткенине ичиң ооруп калдыбы?* («Чалкан»). *Бир туруп өспөй калган бак ичиндеги бедесине ичи ооруп, эмне кылар айласын таппай чайналды* (Мырзаев).

**ИЧИ БУЗУК** Кара ниет, арамдыгы бар, тымызын жамандык ойлогон. *Ичи бузук жигиттин, Асты иши оң болбос* (Токтогул). *Бирок, ичи бузук тыңчылар аны кармап берет* (Ашымбаев). **В.: Ичи кара.** *Ичи кара душманды, Даана билет биздин топ* (Барпы). **Ичи арам.** *Ичи арамдан: не кылам деп сурасам, бир тыйынга мага сат дейт даңкыңды* (Осмонов). *Өзүн акылдуу эсептеп, чиренгендердин ичи арам, калп боло тургандыгын да көрдүм* (Абдукаимов). **Ичи жаман.** – *Ичи жаманды ит капсын балам, бала жеке сенде эмес,* – *деди Сейдеке* (Өгөбаев).

**ИЧИ БУЗУЛУУ** Кандайдыр бир нерсеге же бирөөгө карата арам ойдо, жаман пейилде болуп, жамандык көздөп жүрүү. *Мен Базарбектин ичи бузулуп жүргөнүн мурун эле байкап жүргөм* (Каимов).

**ИЧИ БУРОО** Бир аз ичи ачышуу, өкүнүү, кыйылуу. *Ичим бурап турат, бирок чыдабаска айла канча,* – *деп улутунуп койду* («Ала-Тоо»).

**ИЧИ БЫШУУ** Бир нерсени толук түшүнүп, ачык сезип турса да, аны ачык айта албай бушайман болуу, оюндагысын айтканча туталанып кетүү, чыдамы кетип, зорго чыдап туруу. *Алысыраак тагы бирөө жанындагыны жеңиден тарткылап, ичи бышып, а беркиси ага кайрыла албай дууга аралашат* (Касымбеков). *Анын ичи бышып, негедир муну көргүсү келбей сыртын салып жатты* (Ашымбаев). *Андай эле элдин жүрөгүн өйүгөн ой-санаага ичиң бышса, чындап эле коомго көмөктөшмөк болсоң, анда калк кандай жашаса, ошондой жашап, ага ойлош-санаалаш бол* («Чалкан»). **В.: Ичи кайноо.** *Ою онго, санаасы санга бөлүнүп, ичи кайнап кетет да жанын коер жер таппай Сары-Өзөктүн ченем жеткис мейкинине башын катар көңүл таппай кыйналат* (Айтматов). **Ичи бук болуу.** *Досуңдун ичи бук болуп кетти көрүнөт, колун чөнтөгүнө салып алып, эстеликти айланып, капалуудай басып жүрөт* («Кыргызстан маданияты»). *Ичим бук болуп, ыйлагым келет* («Ала-Тоо»). **Ичи жарылып кете жаздоо.** *Кусалыкка куурап жүргөн кичинекей бала ушунчалык ишенич менен колун кое бербей кармап келе жатканына Эдигейдин ичи жарылып кете жаздап бара жатты* (Айтматов).

**ИЧИ ЖАКШЫ** Арамдыгы жок, ою түз, кишиге кара санабаган. *Ичи жакшысы да, ич күптү болуп калганы да, баары бирдей көзгө дуулдап, кадырлуу элчини аткарууга сыртка коштоп чыгышты* (Касымбеков). *Ошол келиниң ичи жакшы бирөөгө сыр узатса керек.*

**ИЧИ ЖАМАН** *к.* **ичи бузук.**

**ИЧИ ЖЫЛУУ** Ыраазы болуу, көңүлү жибүү, жакшы көрүү, имерилүү. *Анын ошонусуна ичим жылый түштү* (Жигитов). *Директордун мамилесине Гулжандын ичи жылыды* («Ала-Тоо»). *Сейдекенин ичи жылып, Бүбүнү жаш*

*баладай эркелете чачынан сылап, бетинен өптү* (Өгөбаев). *Ал жогорудагыдай көрүнүштөн улам сергий түшүп, бир эсе аялынын тыкан, иш билги чыкканына ичи жылып кетти.* **В.: Ичи жибүү.** *Кээ бир үйгө баш багар замат адамдын жүзүнөн улам, жылуу-жумшак мамиле байкалып, ичиң жибий түшөт* («Кыргызстан маданияты»). **Ичи ысуу.** *Турмушта ар кыл адам болору бышык. Бирөөнө ичиң ысып ыраазы болсоң, бирөөнө нараазы болосуң* (Касымбеков).

**ИЧИ ИЙИККЕНДЕЙ** Көңүлү жибип жумшаргандай, ак пейилин карматкандай. *Кабагы жаркын Төрөгө баам салып, ичи ийиккендей баш ийкеп: – Болсун... Болсун... – деп отурду Курманжан* (Касымбеков).

**ИЧИ ИЙРИЛҮҮ** Жакшы көрүү, жактыруу. *Бекбайдын тагдырын да өзүнүкүнө окшотуп, атасыз жетим катарында көрө баштаган беле же башка бир себептерден уламбы, кантсе да ичи ийрилип турду* (Абдыраманов). *Айзада тиктеп отуруп, бул баладан Темирдин үрөйүн көргөнсүп, ошондонбу, бир тууганындай ичи ийрилип, түтүндөй кара, узун көйнөгүн сүйрөлтүп, жоолугун буунбай бош таштап, ойго чөгүп келе берди* (Касымбеков).

**ИЧИ КААРЫЛУУ** *к.* **ичегисине кан жүгүрүү.**

**ИЧИ КАЙНОО** *к.* **ичи бышуу.**

**ИЧИ КАРА** 1. Ниети жаман, башкаларга жакшылык кылгысы келбеген, бирөөнү көрө албаган. *Шеги жок алдыңа бүгүлөт, шектүү, ичи кара, иши кара жанынан түңүлөт* (Касымбеков). *Бул каганга ичи кара душманын издөө, нөкөрлөр жакшы билишет, кара жиндүү бакшы ошол замат айбалта менен бөлө чабышат* (Касымбеков). *Ичи кара бузуктар, Кымындай жанды күйгүзөт* (Барпы). 2. **к. Ичи бузук.**

**ИЧИ КЕҢ** Пейли кенен, бир нерсеге ич тардык кылбаган, ар нерсени терең ойлогон. *Кең пейил, ичи кең адам экен* («Ала-Тоо»). **В.: Ичи кенен.** *Ичи кенен, арамдыгы жок, айкөл беле, жаткан жери жайлуу болсун!*

**ИЧИ КУЙКАЛАНУУ** *к.* **ичи күйүү.**

**ИЧИ КҮЙҮҮ** 1. Өкүнүү, аябай кайгыруу, капалануу, абдан кейүү. *Муну угуп алып, дагы бир жолу ичи күйүп, жанын коёр жер таппай, санын мыкчып, дагы бир жолу азаптанып алды* (Айтматов). *Анын ичи күйүп, ылжырап бараткынына карабастан, Жайдарбек сыр билдирбөөгө аракеттенди* (Медетов). *Асандын качып кеткенине абдан ичим күйдү* («Кыргызстан маданияты»). 2. Ардануу, ызалануу. *Айдаркан ичи күйгөн кишинин сөзүн сүйлөдү* (Абдукаимов). *Менин ичим күйгөнү тааныштарымдын авариияга учурагандыгында* («Советтик Кыргызстан»). *Мындай мелдеште ичи күйгөндөр көп болгон* («Кыргызстан маданияты»). 3. Көрө албастык, ичи тардык кылуу, кызгануу сезиминде болуу. *Кесиптештеримдин бирөө көрө албай ичи күйөт* (Борбиев). – *Өзүңөр кармасаңар минтпейт элеңер, мага ичиңер күйүп жатат, – деди Баяз* (Жусупов). *Бирөөлөрдүн ичи күйүп, бирөөлөрдүн тили кычышып, өсөк күлкү кылышар* (Абдукаимов). **В.: Ичи куйкалануу.** *Ээнчиликте күзгүдөн өзүн көпкө тиктеп, ...эч бир чыдоого болбой тургандай болуп ичи куйкаланып кетет* (Касымбеков). *Обу жоктук кылганына ичим куйкаланып кетет* («Кыргызстан маданияты»). **Ичи түтөө.** *Ичи түтөп, баш аягы алты кадам зындандын түбүндө өзүнчө күңкүлдөп, ары-бери баса берди* (Касымбеков).

**ИЧИ МУЗДОО** Көңүлү калуу, ичи жылыбоо, мурдагыдай болбой сууй түшүү, жек көрө баштоо. *Бөлөсүнүн түн баласына эми ичи муздай баштады* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Ичи суу.** *Жаш немени иренжитпейинчи, ичи сууп калбасын дедим* (Айтматов).

**ИЧИ ООРУУ** *к.* **ичи ачуу.**

**ИЧИ ӨРТ МЕНЕН ЖАЛЫН БОЛУУ** Абдан катуу кайгыруу, күйүт тартуу, күйгүлтүккө түшүү. *Жигиттин ичи өрт менен жалын болду* («Чалкан»). **В.: Ичи өрт менен жалын.** *Ичи өрт менен жалын, а өзү болсо эптеп жатып чачынын бүтүн жагын оюк жагына теңеди да, күзгүдөн тезирээк качып чыкты* (Акматов). **Ичи чок болуу.** *Ойлосом ичим чок болот, Айтпасам көңүл бук болот* («Манас»). *Баятан берки сөзүңдү, байкасам күйүп ичим чок* («Курманбек»). **Ичи өрттөнүү.** *Ошондо ансыз да ичи өрттөнүп, көпкө дейре өпкөлөп ыйлаган экен* (Акматов). *Кудаяр кандын ичи өрттөндү* (Касымбеков). **Ичин өрттөө.** *Эрксизден эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга, ичин өрттөгөн ызага, баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай, кайрадан сыздап ыйлады* (Айтматов).

**ИЧИ СЫЙРЫЛУУ** Кыйылуу, өкүнүү, кейигенсүү, боору ооруу. *Баягы шүмшүк болуп жүрбөсүн деп ичи сыйрыла түшкөн Макмал, эч кимге сыр алдырбай, сыртынан багып караса, так ошонун өзү* («Советтик Кыргызстан»). *Темир ичи сыйрылып, артынан карай калды* (Касымбеков). *Жарык, кенен көчө менен топтошуп, күлүп бара жаткандар аны кордоп жаткандай ичи сыйрылды* (Ашымбаев).

**ИЧИ ТАР** 1. Башкалардын ийгилигин көрө албаган, өзүнөн башкаларга жакшылык каалабаган, өзүмчүл. *Ичи тар, кара мүртөз ата-бабаларынан берки сөөлөтүн казалга айлантпасыңды билип ызырынууда* (Бейшеналиев). *Сенин ичиң тар, өзүмчүлсүң* (Бердикеев). *Өзү чогоол, ичи тар, Көңүлүндө кири бар* (Жантөшев). *Жолдош болом дебегин, Эзелден ичи тар менен* (Барпы). 2. Кызганчаак, абдан кароо, териси тар. *Менин ичим тар, байкап жүр деп, күлүп койду* («Чалкан»).

**ИЧИ ТАРДЫК** 1. Башкалардын ийгилигин, жетишкендерин көрө албагандык, бирөөлөргө жакшылык каалабагандык, жетиш-

кендик өзүндө гана болсо дегендик, бөлөктөргө ийгилик каалабагандык. *Жарашпас ичи тардык азаматка, Тар болбо, тардык жаман тирүү чакта* (Осмонов). *Ал эми кек алмакка же ичи тардыкка жеңдирип туруп жазгандар бар* («Чалкан»). *Же өз тажрыйбаңарды элге жаюуга ич тардык кыласыңарбы? – деп Маамыт күлдү* (Жантөшев). 2. Кызгангандык, өзү жакшы көргөнүн башкалардан коргогондук, *Адатынча аялы жөнүндө жаман ой ойлоп, ичи тардык кылды* (Сыдыгалиев). **В.: Ичи тарлык.** *Андан бери Гүлай мени менен, Сабыйра Карим менен бийлесинчи. Ичи тарлыгыңар жокпу, Керим? – деп Сатар күлдү* («Ала-Too»). **Ич тардык.** *Адилеттик менен да, ич тардык менен да күңкүлдөшөт* (Осмоналиев). **Ич тарлык.** *Ич тарлык элин дагы кеңейтпейт, жерин дагы кеңейтпейт* (Осмоналиев).

**ИЧИ ТАРТЫНУУ** Бирөөдөн кагуу жеп же бирөөгө жаман көрүнүп, бирөөнүн көзү тийип калбаса экен деген мааниде аны аео, ага жамандыкты ыраа көрбөө иретинде колдонулат. *Бала туруп чоң кишинин айтканын айтса, ичим тартынат* («Ала-Тоо»). *«Ушундай да моокум канбаган адам болобу?» – деп ойлоп бара жатты Төлөмүш аялынын суктануусуна ичи тартынып* (Бердикеев). *Чоюбек жетине да албай, ичи да тартына калдастады* (Бейшеналиев). *– Баланча акчабыз бар, – деп ал аялына айткандан ичи тартынат* (Ашымбаев). *Муну кез-кез кулагы чалган Күлкан кемпирдин ичи тартынчу* (Өмүрбаев).

**ИЧИ ТАРУУ** Башкаларга жакшылык кылгысы келбөө, ийгилигин көрө албоо. *Байымбет болсо, анын бул түрпүн жайлоодогу дуулдагандарга ичи тарып жатат дегендей боолголоду* (Бейшеналиев). *Ушулардын баарын байкап, Абил бийдин кайта ичи тарып кетти* (Касымбеков). **Ичи тардыгуу.** *Өзүн амалдуу, кыйын эсептеген Касымбектин ичи тардыгып терикти* (Бейшеналиев).

**ИЧИ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШУУ** Аябай өкүнүү, катуу кайгыруу, абдан күйүп-бышуу. *Карым-катнаштын кан буугандай басылып калышына, Суусардын ичи туз куйгандай ачышты* (Бердикеев). *Минтип, жакшы үмүтү сууп, ичи туз куйгандай ачышып, ачуусу келип турганда эмне гана балакет болбойт* (Кыдырмышев). **В.: Ичи туз куйгандай болуу.** *Апам жоош да, билип жаттым, ичи туз куйгандай болуп отурганын.*

**ИЧИ ТҮТӨӨ** *к.* **ичи күйүү.**

**ИЧИ ТҮТПӨӨ** Чыдабоо, чыдамсыздык кылуу, аео, тынчы кетүү. *Эки күндөн кийин ичим түтпөй баламды көрөйүн деп бардым* («Кыргызстан аялдары»). *Бирок миң кылса да, апа деген апа да, ичи түтүп тура албады мындайда* (Акматов).

**ИЧИ ТЫЗЫЛДОО** Өкүнүү, кичине кейип калуу. *Көйнөгүн булактатып, татынакай колдорун булгалап жүгүрүп кетти. Белгисиз нерсеге ичим тызылдап, дел болуп калдым* («Кыргызстан маданияты»). *Ал ошол жакшы ойлордун кубат-деми менен азыр да ичинин тызылдаганын сезбейт* (Кыдырмышев).

**ИЧИ ТЫТЫЛУУ** Ичи ачышуу, санааркоо, тынчы кетүү. *Нары ойлонуп, бери ойлонуп, бекке жит келип жатып, ичи тытылып, көзү илинбей койду Нүзүптүн* (Касымбеков). *Сарыбайдын ичи тытылды* (Касымбеков).

**ИЧИ УЙГУ-ТУЙГУ** Дилинде тынчтык жок, жүрөгүнө кандайдыр бир ыйкы-тыйкылык бар. *Электр өткөргүчүн камкөш улаштырган адамдын кайдыгерлиги деп, айтор ичи уйгу-туйгу* (Ашымбаев).

**ИЧИ ЧААР** Арамдыгы бар, арамза. *Адамдан кыяр, ичи чаар, Каарданса түсү чаар, Караганда көзү заар* («Манас»).

**ИЧИ ЧОК БОЛУУ** *к.* **ичи өрт менен жалын болуу.**

**ИЧИ ЧЫКПОО** Ыраазы болбоо, канаттанбоо. *Ага тиги уй түгүндөй ойроттон хандык тийбей кайдагы бир уруунун ханы аталып жүрүшүнө өзүнүн да ичи чыкчу эмес* (Көчкөнов).

**ИЧИ ЭЗИЛҮҮ** Аябай жакшы көрүү. *Бурул Саадатка ичи эзилип: – Ишенем, садага болоюн, – деди* (Абдукаимов). *Молдо Ыбырайымдын ичи эзилип, ыраазы болуп турган эле* (Убукеев). *Кызы бар эмеспи, анын үстүнө баласаак киши көрүнөт, балага ичи эзилип жатса керек* (Абдукаимов). **В.: Ичи-боору элжирөө.** *Карап турсаң ичи-бооруң элжиреп «ананайын, мобу баланы карачы» дегиң келет* (Кыдырмышев). **Ичи ысуу.** *Анын кечиримдүү жана көтөрүмдүү кыялына ичи ысыйт* (Ашымбаев). *Анын сага ичи ысып турат, улам жылдыздуу жалт-жалт карайт* («Кыргызстан маданияты»). *Абышканын ушундай ийкемдүү коңшу келинге ичи ысый түшөт* (Кушубеков). **Ичи элжирөө.** *Мен аларга ичим элжирей сонуркап карап турдум да, токтоно албай кыйкырып ийдим* (Жигитов). *Сага келген ооруну өзүнө өткөрүп алчудай кайра тартпоочудай болгонун көрүп туруп, ичиң элжирейт* (Медетов).

**ИЧИ ЭҢШЕРИЛҮҮ** 1. Бир нерсе жетишпегендей ызалык, кусалык пайда болуп кейип туруу. *Мындан ары түшүндө көрбөсө, өңүндө учуратпоосун туюнгандай Байымбеттин ичи эңшерилди* (Бейшеналиев). *Таабалдынын ичи эңшерилип, бетинде кансөлү жок кумсарып турду* («Ала-Тоо»). 2. Тамак жегиси келүү, ичтейи ачылуу. *Бирок, ичи эңшерилип, курсагы ачып бара жатканын эми сезди* («Ленинчил жаш»).

**ИЧИ-БООРУ ЭЗИЛҮҮ** *к.* **ичек-боору эзилүү.**

**ИЧИ-БООРУ ЭЛЖИРӨӨ** *к.* **ичи эзилүү.**

**ИЧИ-БООРУНА КИРҮҮ** *к.* **ичи-койнуна кирүү.**

**ИЧИ-ИЧИНЕ ЖАБЫШУУ** Өтө ачка болгон же абдан арыктаган абалда кабырылып

туруу. *Ичим-ичиме жабышып араң турам* («Чалкан»). *Анын көзү чүңүрөйүп, эрди кеберсип, ичи-ичине жабышкан* (Осмоналиев).

**ИЧИК** Жылуу сырт кийимдин түрү. Атайын иштетүүдөн (ашатылуу, өңдөлүү, ийленүү ж.б.) өткөн жаныбардын (көбүнчө илбирс, карышкыр, кашкулак, сүлөөсүн, түлкү ж.б.) терилеринен жүнүн ичине каратып, сыртын калың, бышык материя менен тыштап, ошол эле териден чоң жака салып тигилет. Ичиктер ичтелген теринин түрүнө жараша көрпө ичик, түлкү ичик, карышкыр ичик, илбирс ичик ж.б. аталат. *Бирден ичик, бир кымкап.* («Манас» С.О.). *Капсалаң кара көрпө ичигин желбегей жамынып, эшикке чыкты* (Бейшеналиев).

**ИЧИКИЙ** Суукта же муздак сууга денеси тийгенде үшүп кеткендикти, ичиркенгендикти билдирүүдө колдонулат. *Ичикий, шаркыратма калтыратпа!* (Мидин).

**ИЧИ-КОЙНУНА КИРҮҮ** Адам менен тез эле жакындашып, аралашып кетүү, эпилдеп жумшак мамиле жасоо, ишенимге өтүү. *Мени – «энеке», сени – «атаке» деп, ичи-койнубузга кирип жүргөн себеби да ошол тура* (Баялинов). *Акмөөрдүн өргөөсүнө жеңкетайды март чачып, ичи-койнуна соорулап кирген Жантайдын шум жигити – Карбоз* (Бейшеналиев). *Азыр куру-намысты коюп, кекирейбей, чекирейбей, ыпылдап-шыпылдап ичи-койнуна кирди* (Тойбаев). *Ич-койнуна кирип, ага эркелей берип, кээде Зарылды күлдүрө турган тамаша кептерди айтып салуучу* (Сыдыкбеков). *Акбаевдин ичи-койнуна кирип, коштоп алып, көп жерге барса керек* (Бектенов). **В.: Ичи-бооруна кирүү.** *Мукамбай тим эле кишинин ичи-бооруна кирип турган киши экен* (Абдукаримов). *Таттуу сүйлөп, ичи-бооруңа кирет.*

**ИЧИЛ ич II** этишинин өздүк мамилеси. *Ичилди кайра-кайра таттуу шарап* (Үмөталиев).

**ИЧИЛИК** 1. Сырт кийимдин ичине кошо тигилген астары. 2. Бут кийимдин ичине кошо тигилген ички кабаты.

**ИЧИМ ТАП** Оюн, сырын, пикирин кишиге айтпаган, ачык-айрым эмес, көп сүйлөбөгөн, бейчеки сөз айтпаган, түнт. *Ичим тап бир мүнөз бар чыкпайт сыры, Сакталат жүрөгүндө сөздүн чыны* (Тоголок Молдо). *Жүрөккө түпөйүл болгон кайгы башкалар менен ырк кошпогон ичим тап кишилер үчүн коркунучтуу болот* (Каимов). *Исхак сынган бутун сыйпалап, көзүнүн төбөсү менен отургандарды сыдырып тиктеп, эрдин бек кымтып, ичим тап болуп отурду* (Касымбеков). *Ичим тап Суусардын бул сөзүнө ала көөдөк Төлөмүш анчалык маани бербеди* (Бердикеев). *Баягы жадырап-жайнаган кайниси бул күндө ой тереңине чөмүлүп, ичим тап боло баштаган* (Өгөбаев).

**ИЧИМ: бир ичим** Суюктуктун бир жолу ичкендей же бир жолу жуткандай болжолдуу чени, өлчөмү.

**ИЧИМДИК ичкилик** менен бирдей. *Ал кезекте жок эле, Арак аттуу ичимдик* (Тоголок Молдо).

**ИЧИН АЧЫШТЫРУУ** Абдан катуу кайгыртуу, ызалантуу. *Ошол сөздөр бүткөн боюмду чымыратып, ичимди ачыштырат* (Жусупов).

**ИЧИН БЫШЫРУУ** Ичин күйгүзүү, туталантуу. *Ал болсо берки экөөнүн ичин бышыра үн кошпой бир топко тура берди* (Ашымбаев).

**ИЧИН ЖЫЛЫТПОО** Нааразылык, жек көрүү же кайдыгерлик сезимин пайда кылуу. *Эстеликтин тулку боюнан илеп дайыма согуп тургансып, мурункудай тигинин ичин жылытпайт, куру кыялга чарпытпайт* (Медетов). *Мейли кыймылы болсун, мейли кыялжоругу болсун, бирөөнүн ичин жылыта бербеген өңдөнүп турчу* (Ашымбаев).

**ИЧИН ЖЫЛЫТУУ** Ийиктирүү, ыраазы кылуу, жакшы көрсөтүү. *Баланын ар нерсеге шыктуулугу кимдин болсо да ичин жылытат* (Касымбеков). *Анын бул жосуну Ашырбектин ичин жылытты* (Ашымбаев). *Анын оокатка бүйрөлүгү, бир ишти беттесе, дүгдүлүңдөп бүтмөйүн тыным албаганы ичин жылытат* (Ашымбаев). *Ак кофтасы саал чоңураак келген менен жарашыгы, көркү ичин жылытты* (Сасыкбаев). *Искендердин сөзү Берметтин ичин жылытып, кыпкызыл кылып тердетип жиберди* (Абдукаимов).

**ИЧИН ЖЫЮУ** Ичи тартылып, сынына келүү, табына келе баштоо (көбүнчө тапталган ат, күлүктөр жөнүндө). **В.: Ичин тартуу.** *Семирип бара жатканда ичин тартып, тер алыш, таң ашыруу максаты* (Осмоналиев).

**ИЧИН ИРИТҮҮ** Ыркын бузуу, ынтымагын кетирүү, ортосуна бүлүк салуу. *Бут округка чуу салып, элдин ичин ириттиң* (Ашымбаев).

**ИЧИН КЕНЕН ТАШТОО** Марттык кылуу, кең пейилдик кылуу. *Атасынын баласы да, силердин киришиңерди билип, ичин кенен таштады* («Кыргызстан маданияты»).

**ИЧИН КҮЙГҮЗҮҮ** Намыстантуу, арына келтирүү, намысына тийүү. *Жаныштын ичин күйгүзүп, Гүлдананын көзүнө бир көрүнөйүн* (Саатов).

**ИЧИН ТАРТУУ** *к.* **ичин жыюу.**

**ИЧИН ЫСЫТУУ** Жакшы көрүү, жактыруу сезимин пайда кылуу. *Аны ошол гана баалап жүргөндөй жылуу сезип ичин ысытты* (Ашымбаев). *Басса-турса анын жоруктары ичин ысытып, чарчаганы унут болор эле* (Ашымбаев).

**ИЧИН ЭЗҮҮ** Аябай күлдүрүү, ыкшытып, боор тырмата күлдүрүү. *Өзүнүн сырын жашырбай кылган кылыктарын айта берип, балдардын ичин эзип салчу* (Абдукаимов).

**ИЧИНДЕ АЛА КУРТУ БАР** Бир аз кытмырлыгы, кыйдылыгы бар. – *Жанагы чарба иштеринин башчысы Тилен ичинде ала курту бар неме* (Кыдырмышев).

**ИЧИНДЕ АЛАСЫ БАР** Көңүлү түз эмес, арамдыгы, кытмырлыгы бар, оюу бузук. *Ичинде аласы бар адамдар жазса жазгандыр, жалаа жаап* (Абакиров).

**ИЧИНДЕ КАРА ЧААР ЖЫЛАНЫ БАР** Оюу бузук, өтө кара ниет, арамдыгы ашынган. *Элдин көзүнчө жылуу мамиле жасаганы менен ичинде кара чаар жыланы бар* (Бердикеев).

**ИЧИНДЕ КИРИ ЖОК** Ак көңүл, куулукшумдукту билбеген, кишиге жамандык ойлобогон, оюу түз. *Ичинде кири жок, ала көөдөн Жамалкан өзүнүн сөзүнө өзү каткырып күлдү* (Абдукаримов). *Мээнетсиз тиричиликти билбеген, тырнактай ичинде кири жок* (Абакиров). *Ушу карапайым шахтер, ичинде кири жок, көңүлү таза шахтер* (Абдукаимов). *Ак көңүл, аңгөдөк, даңкылдаган, ичинде кири жок, бала кыял күйөөсү тууралуу Жаңыл биршчи жолу ой чуркашып, оозунан биринчи жолу чыккан сөзү ушул болду* (Медетов).

**ИЧИНЕ БҮКҮЛҮ ТАРУУ АЙЛАНБАГАН** *к.* **ичине кара таруу айланбаган.**

**ИЧИНЕ ИТ ӨЛҮҮ** Бирөөнүн ийгилигин көрө албай, ичи күйүп, тымызын кастык кылуу, ал жөнүндө арам ойдо болуп жүрүү. *Канчалык билдирбөөгө аракеттенбесин, өзүн түз кармабасын, ичинде ит өлүп жаткандыгы сезилип турду* (Борбиев). *Түрүнө караганда жолду карата ачуусу тарамак түгүл, ичине ит өлүп, кыжыры кайнап келе жатты* (Жапаров). **В.: Ичинен ит өлүү.** *Сыр алдырбай, ичинен ит өлсө да, сыртынан жылмайды* (Борбиев).

**ИЧИНЕ КАРА ТАРУУ АЙЛАНБАГАН** Өзүнөн башкага жакшылык каалабаган, бирөөнүн ийгилигин, жакшы жагын көрө албаган, ага ич тардык кылган. *Айтканыңдай эле, ичине кара таруу айланбаган тар, күнүчүл экен* (Каимов). – *Өзүнчө эле туталанып, куйкасы курушуп, итатайы тутулуп кеткен, ичине кара таруу айланбаган, териси тар адамдар болот* (Медетов). **В.: Ичине бүкүрү таруу айланбаган.** *Ал ичине бүкүрү таруу айланбаган, а түгүл бирөөнүн морунан коюу түтүн чыкканын көрө албаган бир неме экен* (Жигитов). **Ичине кара кыл айланбаган.** *Ичине кара кыл айланбаган байкушум а...* (Сыдыкбеков).

**ИЧИНЕ КИР САКТАБАГАН** Жамандык, арамдык ойлобогон, кекчил эмес. *Мени өзүң билесиң, ичиме кир сактабаган даалдак адаммын* (Медетов). *Менин Качыкем андай эмес, ал ачык, ичине кир сактабаган неме* (Абдукаимов).

**ИЧИНЕ КИРИП ЧЫККАНДАЙ** Бирөөнүн ой-пикирин айттырбай билгендей, бардыгы дал келгендей. *Туура айтасың, Салыке! Сен тим эле менин ичиме кирип чыккандай сүйлөйсүң* (Каимов). *Кишинин ичине кирип чыккандай, жаныңызда отуруп сүйлөшкөндөй жазат экен* (Абдукаимов).

**ИЧИНЕ ЧОК САЛУУ** Дүүлүктүрүү, кызыгуусун арттыруу, ынтызарлыгын күчөтүү же ардантуу, арына келтирүү. *Жанагы «оюн» Нурландын ичине чок салуу үчүн болуп жатканын Асек кайдан билсин* (Борбиев). **В.: Жүрөгүнө чок салуу.** *Сенин ырың баарыбыздын жүрөгүбүзгө чок салды* («Ала-Тоо»).

**ИЧИНЕ ШАЙТАН УЯЛАГАН** *же* **ичинде шайтаны бар** Барып турган тентек. Түк жөн жүрбөгөн. Адамдарды тескери жолго баштаган деген мааниде колдонулат.

**ИЧИНЕН КАН ЖҮГҮРҮҮ** *к.* **ичинен кан өтүү.**

**ИЧИНЕН КАН ӨТҮҮ** Катуу кайгыруу, өкүнүү, аябай кейүү, оор кайгыга, санаага батуу, өтө кейиште болуу. *Бирок, намысы кеткенине ызаланып, ичинен кан өтүп турганын бала-бакыра, катын-калачтарга билдирген жок* (Үмөталиев). *Мырзабек сени эмне дегенин ойлосом, ичимен кан өтүп кетет* (Абдукаимов). *Түртүшүп, ким кимине алактай караша, ичтеринен кан өтө дымыган жамааттын арасынан заңк эткен үн чыкты* (Бейшеналиев). *Малыбыздын чолпону жылкыбыздын камбар атасы эле. Ичтен кан өтүп кетти го* (Жантөшев). *Биз деле ичибизден кан өтүп, каран түн түшүп отурбайбызбы* (Убукеев). **В.: Ичтен кан жүрүү.** *Ичтен кан жүрдү го, сенин кылганың* (Жоошбаев).

**ИЧИНЕН КҮЙҮҮ** *к.* **ичинен сызуу.**

**ИЧИНЕН КҮЛҮҮ** Билгизбей астыртан шылдыңдоо, табалоо. *Айла жок ичимден күлдүм, жаштыктын оргу-баргысы деген кандай* («Ала-Тоо»).

**ИЧИНЕН СЫЗУУ** Кайгы-капасын сыртына чыгарбай, өзүнчө капалануу, өз ичинен катуу убайым тартуу, өзүнчө бушайман боло берүү. *Адеп сактап, араздашайын дедим да, ичимден сызып, токсон сомдук статистик орунга кеттим* («Советтик Кыргызстан»). *Бирок, ичинен сызып кек калганы менен эч кимиси ачыгына чыга албады* (Өгөбаев). *Атаңды апаң аяп, ичинен сызып жүрүп кеткен экен да жарыктык* (Бердикеев). **В.: Ичтен сыздоо.** – *Эмне кылайын, кууса кууган дыр, – деди Момун ичтен сыздап* (Айтматов). *Ал эрдин бек кымтып, ичтен сыздап, оозуна сөз кирбей отуруп калды* (Касымбеков). *Сыртынан сыр бербегендери менен аялы экөө туяксыз жүрүшкөнүнө ичтеринен сыздачу* (Кушубеков). **Ичтен сызуу.** *Кимдин жарыгы эрте өчтү дегиче, манап ошол аялыныкында экенин билишип, ичтен сызып, өзүнчө күптү болуп, шордуулар өчүн ак мамыктан чыгарчу экен* (Кушубеков). *Сени эңсеп гана ичтен сызып каламын* (Жусупов). **Ичинен күйүү.** *Кабагын түйүп, эрдин кесе тиштенип ичинен күйөт* («Советтик Кыргызстан»). *Казак ичинен күйүп отурганда, Адыке от тутандырды* (Сыдыкбеков). *Абдылдабек бир уртун тартып ичинен күйүп, өкүнүчтүү күрсүнүп койду* (Касымбеков). *Исак бул тамсилди*

*өкүнүч менен эсине алып, ичинен күйдү* (Касымбеков). **Ичинен түтөө.** *Ичинен түтөгөн эне кызына сыр билгизбейин дейт* (Сыдыкбеков). *Чоң болуш ичинен түтөп, сыртынан көйкөлө сыр бербейт* («Ала-Тоо»). *Ичинен түтөп, алкына-жулкуна, арманын айткан айылына таанымал Айылчиева Кенжекан эле.* **Ичинен сыздоо.** *Өзү менен кошо соолорун ойлогондо ичинен сыздап убайын тартат* (Өгөбаев). *Жалындуу жаштын кайгысын бөлүшө тарткандай, биз дагы унчукпай ичибизден сыздадык* (Жантөшев). *Баарын түшүнүп, баарын билип, ичинен сыздап, ичинен тынат* (Бердикеев).

**ИЧИНЕН ТЫНУУ** *же* **ИЧТЕН ТЫНУУ** Кайгы-капасын, ички бугун, таарыныч-өкүнүчүн билдирбөө, ачык айтпоо, ичинде сактоо, эмне болсо ичинде болуу. *Сагымбайды мен андай эмес го десем, ичинен тынып жүргөн экен* (Элебаев). *Кабарын угуп Түмөнбай, Ичинен тынып тим болгон* («Семетей»). *Баарын түшүнүп, баарын билип, ичинен сыздап, ичинен тынат* (Бердикеев). *Экөө далайга үнсүз арбашып, ичтеринен тынып турушту* (Бейшеналиев). *Сакасы алчы туруп, ичинен тынган Тикбай үн дебейт* (Осмоналиев).

**ИЧИНЕН ЧЫЙРАЛУУ** Астыртан, өзүнчө тырчый түшүү. *Улук төрөнүн үнүнөн эч ырайым сезилбегенине, нары ичинен чыйралып, башын акырын көтөрүп, көк мончоктой чекирейип турган көзүн көрдү* (Касымбеков).

**ИЧИНЕН ЫЙЛАП, СЫРТЫНАН КҮЛҮҮ** Кыйналып-кысталгандыгын билдирбөө, сыр алдырбоо аракетинде болуу. *Канча баш мал керек дешкенин ичинен ыйлап, сыртынан күлүп, ыңкытып айдап берген* (Бейшеналиев).

**ИЧИҢ КҮЙСӨ, ТУЗ ЖАЛА** Бирөөлөргө ич тардык кылган же көрө албастык мамиле жасаган адамга карата «эмне кылсаң, ошо кыл» деген сыяктуу мааниде колдонулат.

**ИЧИҢЕН КАН ӨТКҮР** Жаман көргөндө, жактырбаганда айтылуучу каргыш сөз. – *Өз оокатын согуп жаткан элди жайына койбой кандай ичиңен кан өткүр жоболоңдуу жүрөт? – деп, Аргын далдырап барып олтуруп калат* (Өгөбаев).

**ИЧИП-ЖЕП КОЮУ** Аябай зекип, кулагынын кужурун алуу, кайта-кайта кекетип-мокотуп, жемелей берип тажатуу. *Байкушту жөн эле ичип-жеп койду* («Ала-Тоо»). **В.: Ичип-жеп жиберүү.** *Жөн эле ичип-жеп жиберди.*

**ИЧИП-ЖЕП ҮРҮҮ** Абдан айыгышып, бучкактап кое бербей үрүү, тынбай катуу үрө берүү. *Ит ичип-жеп үрө баштады.*

**ИЧИР ич II** этишинин аркылуу мамилеси. *Самоордон чай берип, Анча-мынча ичирдик* (Тоголок Молдо).

**ИЧИРКЕН** Үшүгөндө, чыйрыкканда, дене муздак сууга тийгенде ж. б. бүткөн бой дүүлүгүп калтырай түшүү. *Эмнегедир ичиркенип, боюм курушкансыйт* (Абдукаримов). *Жаандын суусу мойнуна тамса, ага арабакеч ичиркенип да койбойт* (Сыдыкбеков).

**ИЧИРКЕНТ ичиркен** этишинин аркы-луу мамилеси. *Таң жели ичиркентип бетке сокту* (Мидин).

**ИЧИРКЕНҮҮ ичиркен** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЧИРТКИ** (ичиртки дуба) *дин.* Дубалоонун бир түрү.

**ИЧИ-ТЫШЫ БИРДЕЙ** Сырткы көрүнүшү кандай болсо, ички дүйнөсү да ошондой деген мааниде. *Жаркылдаган ичи-тышы бирдей жигит көрүнөт дешип, эл жактыргансып калды.*

**ИЧИШ ич II** этишинин кош мамилеси.

**ИЧКЕ** 1. Бою, тулкусу жагынан алганда болук эмес, жоондугу жагынан алганда ичкелик артыкчылыгы бар, жоон эмес. *Ал ичке бойлуу, кара тору келин* (Жантөшев). *Уруя ичке манжаларын кырсылдатты* (Байтемиров). *Анын же шоона жип же ичке чынжыр экени байкалбайт* (Сыдыкбеков). 2. Жоон эмес, чыйылдаган (үн жөнүндө). *Ашырдын ичке үнүн шахтёрлор алда кайдан эле таанышчу* (Сасыкбаев). 3. Кенен эмес, чоң эмес, кууш, тар. *Кербен сарай, эски дубал уранды, Ичке булак ар жагында безилдейт* (Токомбаев). *Как ошол жерден ичке сай бойлоп, Кара жол кетет жыландай сойлоп* (Абдыраманов).

**ИЧКЕ КИР САКТОО** Дилинде жамандык болуу, бирөөгө жаман ой сактоо. *Аскар болуш үчүн көкүрөктү керип, ичке кир сактабай, армансыз кармашкандын өзү жетишет* (Абдукаимов).

**ИЧКЕ САКТОО** *же* **ИЧИНЕ САКТОО** Сыртка чыгарбоо, билгизбөө, жашыруу, айтпоо. *Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта* (макал). *Ал көргөн кегин ичке сактап жүрдү* («Ала-Тоо»). *Мына ошондуктан баягы ууда жүргөндө эсине түшкөн Салкын Айсулууга жаздык жаңыртуу жөнүндөгү оюн ичке сактай турууну чечти* (Көчкөнов).

**ИЧКЕ ҮЗҮЛҮП, ЖООН СОЗУЛГАН УБАК** Жаз мезгили, үзүмчүлүк учуру, тамак-аш тартыш болгон кез.

**ИЧКЕЛЕШТИР** *диал.* Ичкериштирүү. *Казандын отун ичкелештиргендей болду* (Сыдыкбеков).

**ИЧКЕЛИК** 1. Бойдун, ар кандай нерсенин жоон эмес экендигин, ичке экендигин билдирүү сапаты. *Сапар ичкелигиненби, Шариптен кырдуурактай көрүнөт* (Бейшеналиев). 2. Үндүн, тыбыштын жоон эместиги, ичке экендиги.

**ИЧКЕН АШЫН ЖЕРГЕ КОЮУ** 1. Абдан кадырлоо, сыйлоо, жакшы көрүү. *Сагынбек десе балдар ичкен ашын жерге коет* (Жантөшев). *Абыкем сизди эстегенде, ар качандан бир качан ичкен ашын жерге койгон пенделерден болуп бара жатат* («Чалкан»). *Садыр – тууган дегенде ичкен ашын жерге кое койгон адам* (Бердикеев). 2. Абдан самоо, эңсөө, аябай берилүү, көргүсү эле келип туруу.

*Алыста жүрсө да, түн ичинде болсо да сени дегенде ичкен ашын жерге койчу экен* («Ала-Тоо»). **В.: Ичкен ашын жерге таштоо.** *Футбол дегенде жаштар ичкен ашын жерге ташташат* («Советтик Кырвызстан»). **Ичкен аягын жерге коюу.** *Бекен болсо китеп дегенде ичкен аягын жерге коет* (Каимов).

**ИЧКЕН АШЫНДАЙ БОЛУУ** Көнүмүш болуп калуу, көндүм болуп калуу, адатка айлануу, демейдегидей эле көрүнүш катары эсептелүү. *Кийин жеңемдин таягы да ичкен ашындай болуп кетти* (Жапаров). **В.: Жеген ашындай болуу.** *Байбиченин жемеси мага жеген ашымдай болду* (Жантөшев).

**ИЧКЕН ТАБАГЫНА ТҮКҮРҮҮ** Жакшылыкка жамандык менен жооп берүү деген мааниде. *Бул, биринчиден, кесир, экинчиден, билгенге ичкен табагына түкүрүп таштаганга барабар жорук* (Медетов).

**ИЧКЕНИ АШ БОЛБОО** Бир нерсеге катуу санааркап тынчы кетүү, санаасы тынбай кыйнала берүү. *Колуктум ичкени аш болбой сар санаа болуп жүргөнүн кийин өзү айтып берди* (Абдукаримов). *Алиги жаштайымда баш кошкон байкушум кантти экен дегенимде ичкеним аш болбойт* (Сыдыкбеков). *Акыретте көк эшек минишет деп ичкеним аш болбой жүрдү эле* (Бейшеналиев).

**ИЧКЕНИ ИРИМ, ЖЕГЕНИ ЖЕЛИМ БОЛУУ** Бир нерсеге сары санаа болуп кыйналуу, азап жей берүү, тынчы кетүү, катуу санаркоо. *Өзүңө бир балээ баштоочудай деген ушак-айыңды кулагыбыз чалып, тилмеч досуң экөөбүздүн ичкенибиз ирим, жегенибиз желим* (Бейшеналиев). *А турсун үй-бүлөсүнүн үрөйү учуп, ичкени ирим, жегени желим болуп жатпайбы* (Бердикеев). *Өзү согушуп жүрсө, ансыз да ичкени ирим, жегени желим болуп жүрсө жети өмүрүн жерге киргизбейли* (Айтматов). **В.: Ичкенин ирим, жегенин желим кылуу.** *Нинанын күндүр-түндүр үй бетин көрбөй, Осмон сыяктуу комсомолго жаңы өткөн жаштар менен үгүт-насыят таратып, айыл-кыштакты кыдырып кетиши да анын ичкенин ирим, жегеним желим кылат* (Саатов).

**ИЧКЕР I** 1. Ичке болуу, ичке абалга келүү, мурдагыга салыштырганда ичке боло баштоо. *Арыктап адам ичкерет, Азаптуу ишке кайгырса* («Олжобай менен Кишимжан»). *Мойнуң кылдай ичкерет, Сары оору мээнет дарт менен* (Токтогул). 2. Кууш абалга келүү мурдагыдай кеңири, жазы болбой тар, ичке абалга келүү. *Күрпүлдөк суусу барган сайын ичкерип, жайлап агып, кара суугa айланып, жээгине теңселип камыш өнө баштайт* (Сыдыкбеков).

**ИЧКЕР II** *туурасы:* **ичкери.**

**ИЧКЕРЕШТИР** Куурай, чырпык сыяктуу отундардын күйүп бүтө элек кийинки бөлүктөрүн улам алга, ичкери жакка жылдырып, ондоштуруп туруу. *Дарияхан Айдарга суу берип, эки жагын кымтыды да, күйүп жаткан отту ичкерештирди* (Жантөшев).

**ИЧКЕРИ** 1. Турак жайдын, үйдүн ж. б. ички тарабы, ич жагы. *Ичкери киргиле,– деп Зейпи бөлмөнүн эшигин ачты* (Абдукаримов). *Эшикти акырын чертсем, ичкериден жооп болбоду* (Мавлянов). 2. Ич жакты карай, илгери карай. *Базыл жобураган бойдон ичкери жөрмөлөдү* (Касымбеков). 3. Чет жактагы эмес, ички борбордук тараптагы, ичкерки. *Ичкери шаарларда окушка Осмонкулга мүмкүнчүлүк болгон жок* («Ала-Тоо»).

**ИЧКЕРКИ** 1. Чет жакалардагы же борбордон алыс жайда эмес, борборго жакын. *Бактын, гүлдүн шаары деген сөздү ичкерки жерди көп кыдырган адамдардан бир нече жолу угушкан* (Бейшеналиев). 2. Ич жактагы, түпкү, төр жактагы, ички. *Ичкери үйгө кирдим* (Абдыраманов).

**ИЧКЕРТ** 1. **ичкер** этишинин аркылуу мамилеси. *Жоонду ичкертет, чоңду кичирейтет* (Борбугулов). 2. Ичкертүү, ичкерештирүү. *Апын ар кимдин отун ичкертет да, курсагынын камын көрөт* (Осмоналиев).

**ИЧКЕРТЕН** Ич тараптан, ички жактан, төр жактан, ичкери жактан. – *Ким бул?* – *деди ичкертен каргылданган үн* (Баялинов).

**ИЧКЕРТҮҮ: ичкертүү белгиси** *к.* **белги.**

**ИЧКЕРҮҮ ичкер I** этишинин кыймыл атоочу.

**ИЧКИ** 1. Бир нерсенин сыртына карама-каршы жагындагы, ич тарабындагы, ич жагын караган. *Ички бети түктүү кездеме.* 2. Ич жактагы, төр жактагы, төркү *Каныбектер ички үйгө кириши* (Жантөшев). 3. Ичтеги айтыла элек, жарыялана элек, көмүскө. *Ар бири ички дартын айткысы келет* (Каимов). *Эми элим силерге, Ички пикир, сырды айттым* («Курманбек»). 4. Ич арага таандык, сыртка, бөтөн тарапка, башкаларга тиешеси жок. *Ички жумуштарды мен тындырып тургандыктан, атам тышкы иштери менен болду* (Жантөшев).

**ИЧКИ МИГРАЦИЯ** Өлкө ичинде адамдардын бир жерден экинчи жерге көчүп которулушу.

**ИЧКИЗ ич II** этишинин аркылуу мамилеси. *Врач келгенче балага кайнак суу же чай гана ичкизип туруу керек* («Кыргызстан аялдары»).

**ИЧКИЛИК** Арак-шарап, мас кылуучу ар кандай ичимдиктер. *Жарашпайт экен ичкилик, Айрыкча көк ала сакал карыга* (Шүкүрбеков).

**ИЧКИЛИККЕ БЕРИЛҮҮ** Арак ичкенге көнүү, аракеч болуп кетүү. *Ичкиликке берилe электе бир чарасын иштеп чыгалы деп ойлодук* («Ала-Тоо»).

**ИЧКИЧ** Ичкиликке берилген, аракеч. *Жакыныӊ болсо ичкичтен, Уялып элден өлөсүң* (Шүкүрбеков). *А дегенде ал ичкич, Мекемеден куулат* (Шүкүрбеков).

**ИЧКИЧИЛ** *сүйл.* **ичкич** менен бирдей.

**ИЧМЕ: кан ичмеси кармоо** Өлтүргүсү ке-

лүү, кан төккүсү келүү. *Өрттөй көзү бек жайнап, Кан ичмеси чын кармап* («Манас»).

**ИЧМЕЙ ичме** менен бирдей.

**ИЧМЕК** Тердиктин алдына токулуучу жумшак кийиз, токулга. *40 ээрди ичмек, тердиги менен өткөрүшүбүз керек* (Сыдыкбеков). – *Апаке, тердиктин ичмеги менен басмайылды мага эле бер* («Жаш ленинчи»).

**ИЧМЕКЕЙ** Тамак-ашты көп ичип-жеген. *Ичпейм-ичпейм деп атып, ичмекей катын түгөтөт* (макал).

**ИЧМЕКЕЙИ ИЧИНДЕ** Кылык-жоруктары, болгон өнөрлөрү ичинде катылуу, кылган иштери, ой-пикири купуя. *Күйүнүп да койбой, сумсайып, ичмекейи ичинде* (Осмоналиев). *Өзгөчө ар дайым иштин оңоюн көздөп, маянанын көбүрөгүн качырган, сыртынан караганда, момун көрүнгөнү менен ичмекейи ичинде, менин дос сөрөйүм бул иште эч кимди алдына салбайт* («Кыргызстан маданияты»). *Бегалы бөлөлөрүнүн ачык айтпаганы менен ичмекейин ичине каткан каяшалары болуп жатпайбы* («Ала-Тоо»). *Сатар ичмекейи ичинде тилсиз ээрчий басты* (Бейшеналиев).

**ИЧМЕКЕЙИН ИЧИНЕ КАТУУ** Жаман былык-чылыктарын ичине сактоо, кылган иштерин, болгон өнөрүн купуя кармоо. *Бегаалыга бөлөлөрүнүн ачык айтпаганы менен ичмекейин ичине каткан* («Ала-Тоо»).

**ИЧМЕКТЕ** Ичмегин коюу, тердиктин алдына ичмегин салуу.

**ИЧТЕ** Ич салуу, астарлоо. *Бешмантынын ичин жибек менен ичтеди.*

**ИЧТЕЙ** Тамактангысы, же ичип-жегиси келип турган абал, курсагы ачтык же ток пейилдик, апетит. *Көкөнүн ичтейи биротоло ачылып кетти окшойт, эч кимге карабай палоону лукулдатып сугунуп кирди,* (Касымбеков).

**ИЧТЕЛ ичте** этишинин туюк мамилеси. *Ичи жибек менен ичтелген.*

**ИЧТЕН БОЗДОО** Аябай азап чеккенин сыртына чыгарбоо, катуу күйүү, билгизбей өзүнчө капалануу. *Ал дагы күйүттүү эне, ичтен эски кайгысы козголуп, ичтен боздоп, акырын эрдин кыбыратып алды да, башын аргасыз ийкей өзүнчө улутунду* (Касымбеков).

**ИЧТЕН БЫЧУУ** Тымызын жыйынтык чыгаруу, билдирбей бир бүтүмгө келүү. *Абасы менен көп нерсени ичтен бычып, ичтен түшүнүшкөнду жакшы көрүшчү* (Көчкөнов).

**ИЧТЕН ЖЕГЕН КУРТТАЙ** 1. Ооруу, санаа сыяктуу жагымсыз нерселердин бир канча убакытка чейин алдыртан адамдын тынчын алуусу. 2. Астыртан, тымызын чыккынчылык кылма, билгизбей ишти бүлдүрмө. *Ансыз деле ичтен жеген курттай болгон сары санаасы ырбады* (Бердикеев). *Кычаштык кылгандай жан дүйнөнү аза күттүрткөн өңдөнүп, ичтен жеген курттай билгизбей сөөк какшаткан муңдуу күүнү сыбызгытууда* (Исмаилов). *Колунан бийлик тайыган соң ичтен жеген курттай дале болсо, күбүрөп-шыбырап, туура жүргөн активдердин артынан коңгуроо шылдыратат* (Сыдыкбеков).

**ИЧТЕН КҮЙҮҮ** *к.* **ичинен сыздоо.**

**ИЧТЕН ОКУУ** Үн чыгарып окубастан, жөн гана көз жүгүртүп окуу. *Ичтең окуу окуучуга өзүнүн оюн окуган материалдын негизги мазмунуна токтоого мүмкүндүк берет* («Мугалимдерге жардам»).

**ИЧТЕН СЫЗУУ** *же* **ИЧИНЕН СЫЗУУ** Кайгы-капасы, өкүнүчү, ызасы ичинде болуу, ичинен кайгыруу, күйүү, кайгы-капасын сыртына чыгарбай өз ичинен, убайым тартуу. *Жаш кыз ичтен сызды* (Сыдыкбеков). *Балалуу болбогонума аялым ичинен сызып жүргөнүн байкачумун* (Абдукаримов).

**ИЧТЕН ЧЫККАН ИЙРИ ЖЫЛАН** Бала жакшыбы, жаманбы – баары бир ата-эне үчүн жакшы, сүйкүмдүү (бул сөз көбүнчө кейигенде, бала чеки иш кылганда айтылат). *Бала тушкур, эне үчүн – дайыма бала: эси болобу, эси болбойбу, бою болобу, бою болбойбу, – ичтен чыккан ийри жылан* (Касымбеков). *Өз уулу менен соттошуп жүрүүнү намыс көрөбү же ичтен чыккан ийри жыланды жамандыкка кыйбайбы, айтор, ичтен сызып жүргөнү – жүргөн экен* («Ала-Тоо»). *Ичтен чыккан ийри жылан өзүндөн сырын жашырган соң...* (Байтемиров).

**ИЧТЕН ЭЗИЛҮҮ** Бир чечимге келе албай санааркоо, түпөйүл болуу. *Ал күйөөсүнүн ичтен эзилип, бушайман болуп жүргөнүн билүүгө аракеттенди* (Ашымбаев).

**ИЧТЕТ ичте** этишинин аркылуу мамилеси. *Ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштатып* («Манас»).

**ИЧТИ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШТЫРУУ** Катуу кайгыртуу, аябай өкүнтүү. *Жанатан бери ичти туз куйгандай ачыштырган ыңгайсыз абалына жеңилбеди* (Исмаилов).

**ИЧТИ-ТЫШТЫ** Ичи да, сырты да, ичкиси да, сырткысы да, баары. *Тукаба, шайы макмалдан Ичти-тышты кийипсиң* («Ала-Тоо»).

**ИЧТИ-ТЫШТЫ БОЛУУ** Астыртан, тымызын макулдашып алуу, жашырын сүйлөшүп бир бүтүмгө келүү. *Ичти-тышты болуп өзүңөр бүтүрүп коюп, билмексенге салат экенсиңер да* («Чалкан»).

**ИЧТӨӨ ичте** этишинин кыймыл атоочу. *Пальтонун ичин ичтөө. Бешмантты ичтөө.*

**ИЧТҮҮ** Ичи көлөмдүү, ичи чоң, *Ичтүү челек. Ичтүү чака.*

**ИЧҮҮ ич II** этишинин кыймыл атоочу. *Малчылар кымыз ичүүгө киришти* (Каимов).

**ИШ** 1. Акыл-эстин, күч эмгегинин жумшалышы аркылуу белгилүү бир максатка ылайык аткарылуучу жумуш, күч аракети, эмгек процесси. *Силер сүйгөн мугалим, Ишин тейлей башкарды* (Токомбаев). *Иш бүткүл кайгыны жеңет, көңүлдүн кирин кетирет* (Байтемиров). *Ошондуктан Турсун апа дайым*

*шат, Адал ишин колхозчулар жакташат* (Осмонов). 2. Кызмат, кызмат абалы. *Кылган ишим – бригадирмин, Жооптуу иш ал дагы* (Нуркамал). 3. Административдик, сот органдары тарабынан карала турган маселе, факт, сот процесси. *Иши сотто каралды.*

**ИШ БИЛГИ** Ар нерсеге көзү жетик, акылы тетик, жөндөмдүү, түшүнүктүү. *Айрыкча быйылкы кыштын алдындагы Кеңештин иш билги сунушуна ушул күнгө чейин ыраазы* (Мырзаев). *Жетекчилер да иш билги адамга асылат* (Мырзаев).

**ИШ ЖҮЗҮНДӨ** Чын-чынына келгенде, айтылган сөз боюнча эмес, практикалык жагына келгенде, турмуш чындыгы боюнча алганда. *Иш жүзүндө баштагы болжогон ой таптакыр башкача болуп чечилди.*

**ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ** Орундатуу, аткаруу. *Душманга ок, доско сүйкүм, акылман, Эл тилегин иш жүзүнө ашырган* (Осмонкул). **В.: Ишке ашуу.** *Менин дагы көптөн күткөн асыл максатым ишке ашып, Фрунзедеги бир окуу жайынан окумак болдум* («Ленинчил жаш»). **Турмушка ашуу.** *Мындан көп жыл мурда ойлогон, кагазга гана түшүрүлгөн эскиздер мына минтип бүгүн турмушка ашып жатат.*

**ИШ ИЛГЕРИ!** Иш илгерилесин, ишиңер ийгиликтүү болсун (иштеп жаткандарга, иш үстүндөгүлөргө каалоо, тилек катары айтылат). *Иш илгери балдар, эмне кылып жатасыңар?* (Турусбеков). **В.: Иш илгери болсун!** *– Иш илгери болсун! – деди Күмүш. Андай болсун, болсун эже, – дешти иштеп жаткандар* (Осмоналиев).

**ИШ КАГАЗДАРЫ** Мекеме иштеринин түрдүү документациясын билдирген ар кандай мазмундагы документтер, жазылган кагаздар.

**ИШ КУРЖУН** Иши начарлоо, ойлогон ою оңунан чыкпоо. *Да, иш куржун экен кызым, сен турба, биерге* (Абакиров). *Иш куржун экен, Өтөке* (Абакиров). *Иш куржун болду, Насыр аке, – деди башкарма, – бир нерсе кылбасак болбойт* («Ала-Тоо»).

**ИШ ТАШТОО** Нааразылыкты, бир нерсени талап кылгандыкты билдирип уюшкандык менен массалык түрдө жумушту, ишти токтотуу.

**ИШААРАТ** *туурасы:* **ишарат.**

**ИШАРА** **ишарат** менен бирдей. *Сеники туура дегенсип Бекжан Мишага ишара кылды* (Абдукаримов).

**ИШАРАТ** Жаңсап, ымдап берилген белги. *Түлкүбек өрдөктөрдү учургула дегендей ишарат кылды* (Жантөшев).

**ИШЕК** *диал.* Шишек.

**ИШЕМБИ** Жуманын алтынчы күнү. *Ишембиде тоону карай жөнөйм,– деди Сакен* («Жаш ленинчи»).

**ИШЕМБИЛИК** Коомдун пайдасы үчүн коллективдүү түрдө өз ыктыяры менен акысыз иштелген жумуш (алгачкы мезгилде ишемби күндөрдө иштелген). *Кремлде болгон ишембиликте Ленин шитеди.*

**ИШЕМИЯ** Кан тамыр аркылуу дененин бир бөлүгүнө кандын аз барышы.

**ИШЕН** Бирөөнүн айтканына, укканына, көргөнүнө ж.б. анык, чын деп ынануу белгилүү бир ишенимде болуу. *Кулактардын ушагына ишенип, Жалгыз атын жара тартып таштады.* (Токомбаев). *Кемпир аны улам тиктеп жатып чын Сабийра экенине зорго ишенген* (Сыдыкбеков). *Мергенчи Ажардын сөзүнө ишенбеди* (Жантөшев). 2. Таянуу, жөлөк кылуу, бел байлоо, үмүт кылуу, ишеничте болуу. *Бир мыкты тууган да жок мен ишенер* (Үмөталиев). *Атайы мага ишенип келгениңе, Милдетим жолдоштукка кызмат кылмак* (Осмонов).

**ИШЕНДИР** **ишен** этишинии аркылуу мамилеси. *Сүйгөндү ишендирди айткан кебиң* (Үмөталиев).

**ИШЕНИМ** Ынанган сезим, ишенгендик, ишенүү сезими, ишенич. *Окутуучу жаш муундарга ишеним менен дем берет* (Токомбаев). *Ишенимди кыргыздар, Намыс менен актады* (Токомбаев). *Мен өзүмө кандай ишенсем, сага ошондой ишенем* (Айтматов).

**ИШЕНИМ ГРАМОТАСЫ** Мамлекеттин башчысы дипломатиялык өкүлгө аны ушул кызматка дайындаганда бере турган документ.

**ИШЕНИМ КАТ** Өзү үчүн кандайдыр бир нерсени алууга же өз наамынан аракет кылууга укугу бар экендигин, ишенгендигин күбөлөө иретинде башка бирөөгө берилүүчү документ.

**ИШЕНИМДҮҮ** Ишене тургандай, ынангандай, ишеничтүү, ишенчиликтүү. *Алды менен өзүңө ишенимдүү кишилерге таян* (Жантөшев). *Ишенимдүү кишинин барганы жакшы* (Каимов).

**ИШЕНИМДҮҮЛҮК** Ишенимдүү болуу сезими, кандайдыр бир нерсеге, башка бирөөлөргө же өзүнө өзү ишенгендик, ишеничтүүлүк. *Чал мукамдуу карт үчүн, жай гана чыгарып, ишенимдүүлүк менен айтты* (Жантөшев).

**ИШЕНИМСИЗ** Ишеними жок, ишенүүгө болбой тургандай, олку-солку, ишеничтүү эмес. *Ишенимсиз адам. Ишенимсиз сүйлөө.*

**ИШЕНИМСИЗДИК** Ишеними жоктук, ишеничтүү эместик. *Ишенимсиздик пайда болуу. Ишенимсиздик менен киришүү.*

**ИШЕНИЧ** **ишеним** менен бирдей. *Элдин ишеничинен ыйык нерсе жок* (Бейшеналиев).

**ИШЕНИЧСИЗ** **ишенимсиз** менен бирдей. *Ишеничсиз далилдер.*

**ИШЕНИЧСИЗДИК** **ишенимсиздик** менен бирдей. *Ишеничсиздик менен үнүн акырын чыгаруу.*

**ИШЕНИЧТҮҮ** **ишенимдүү** менен бирдей. *Өзүң келе албасаң, ишеничтүү бирөөнү жумша* (Жантөшев).

**ИШЕНТ** **ишен** этишинин аркылуу мами-

леси. *Кой Баке, мени ишентпейт андай дешиң* (Осмонов).

**ИШЕНҮҮ ишен** этишинин кыймыл атоочу. *Элге ишенүү, элдин күчүнө ишенүү – Токтогулдун негизги касиети* (Бөкөнбаев).

**ИШЕНЧ ишенич** менен бирдей. *Зор ишенч, мээрим менен биздин элди, Сезилди жүрөгүмө сүйгөндүгү* (Осмонкул).

**ИШЕНЧЕК** *туурасы:* **ишенчээк.**

**ИШЕНЧИЛИК ишенимдүүлүк** менен бирдей. *Ишенчилиги жок.*

**ИШЕНЧИЛИКТҮҮ ишенимдүү** менен бирдей. *Ишенчиликтүү киши.*

**ИШЕНЧЭЭК** Айтканга ишене берген, бат ынанчу, бат ишенгич. *Жаш окуучулар өтө ишенчээк келет* («Жаш ленинчи»). *Ишенчээк киши.*

**ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ** Орундатуу, аткаруу. *Душманга ок, доско сүйкүм, акылман, Эл тилегин иш жүзүнө ашырган* (Осмонкул). **В.: Ишке ашуу.** *Менин дагы көптөн күткөн асыл максатым ишке ашып, Фрунзедеги бир окуу жайынан окумак болдум* («Ленинчил жаш»). **Турмушка ашуу.** *Мындан көп жыл мурда ойлогон, кагазга гана түшүрүлгөн эскиздер мына минтип бүгүн турмушка ашып жатат* («Советтик Кыргызстан»).

**ИШ ИЛГЕРИ!** Иш илгерилесин, ишиңер ийгиликтүү болсун (иштеп жаткандарга, иш үстүндөгүлөргө каалоо, тилек катары айтылат). *Иш илгери балдар, эмне кылып жатасыңар?* (Турусбеков). **В.: Иш илгери болсун!** *– Иш илгери болсун! – деди Күмүш. Андай болсун, болсун эже, – дешти иштеп жаткандар* (Осмоналиев).

**ИШ КУРЖУН** Начар, жаман. *Да, иш куржун экен кызым, сен турба, биерге* (Абакиров). *Иш куржун экен, Өтөке* (Абакиров).

**ИШ МАШАГЫНА ЖЕТҮҮ** Кандайдыр бир иш аткарылууга, бүтүүгө жакындап калуу, чукулунан жайына келүү, жөнгө салынуу, оңолуу, жакшыруу. *Иш машагына жеткенде айныганың кандай?* («Ала-Тоо»). **В.: Иш машагына конуу.** *Мына ишибиз эми машагына конду* («Ала-Тоо»).

**ИШ ТАШТОО** Наразылыкты, бир нерсени талап кылгандыкты билдирип уюшкандык менен массалык түрдө жумушту, ишти токтотуу.

**ИШИ АК** Күнөөсү жок, күнөөсүз, таза. *Ишим ак экен, күлүгүм табылды! – деп, жүрөгүнө аш барбай ууруга сырттан көз салат* (Осмоналиев). *Ишим ак экен, тез эле акталып чыктым* («Ала-Тоо»).

**ИШИ АКСОО** Аракети жакшы натыйжа бербөө, иши начарлоо, жасаган жумушу алга жылбоо. *Анан жүрүп-жүрүп чамасы билинип, иши аксап, аттан кайра түшкөн* (Кыдырмышев).

**ИШИ КАРА** Күнөөлүү, күнөөсү, кылмышы бар. *Ишиңдин карасынан таш болуп калган эмеспи деп кууратканда* (Осмоналиев).

**ИШИ КЫЙШАКТОО** Начарлоо, төмөндөө, кыйчалыштоо, иши ойдогудай болбоо, аксоо. *Жуман, балам, сен бүгүн, коё тур, атаңдын иши кыйшактап турат* («Ала-Тоо»).

**ИШИ КЫЛЫП** Эптеп-септеп, кантсе да, эмнеси болсо да. *Үңкүйүп ойго батып же туулган жерди таштап кетип бара жаткангабы, же жолдун кыйынчылыгы үчүн алабы, иши кылып, бирдеме ичин жыртып тургандай* (Касымбеков). *Иши кылып Дашаны боюңа тарт* (Сасыкбаев). *Иши кылып туура иштөөлөрүнө гана контролдук кылып туралык* (Сасыкбаев).

**ИШИ ОҢУНА АЙЛАНУУ** Иши оңолуу, жакшыра баштоо. *Айылчы агасы аздыр-көптүр каада ырымы менен атасына жиберсе, иши оңуна айланары бышыкталды* (Бейшеналиев). **В.: Иши оңуна көчүү.** *Иши оңуна көчүп, Зулайка эртеси бешимде тилге келди* (Бердикеев). **Иши оңунан чыгуу.** *Ошентип, атасынын да, баласынын да иши оңунан чыкты* («Ала-Тоо»). *Иши оңунан чыкпасына, айыпка жыгыларына көзү жеткен соң, биринчи киши ордунан обдулду* («Чалкан»).

**ИШИ ТҮШҮҮ** Иш же башка нерселер боюнча бирөөгө көз каранды болуу, бирөөгө зарылуу. *Ошолорго ишим түшүп убара болгонумду сураба* («Чалкан»). *Иши түшүп турган үчүн Шертай саламга келип жатат* (Бердикеев). *Бир жолу ишим түшүп, жөн эле жанымaн түңүлгөм* (Бердикеев).

**ИШКАНА** Өндүрүштүк же соода чарбачылык мекемеси, өндүрүш же соода чарба мекемелеринин бирикмеси. *Мамлекеттик ишканалар. Кооперативдик ишканалар. Жеке менчик ишканалар.*

**ИШКЕ АШУУ** *к.* **иш жүзүнө ашуу.**

**ИШКЕ ЖАРОО** Бир нерсе колунан келүү, аткара алуу. *Булар кадимкидей «Сүйүнчү, абаке, сүйүнчү! Жолборсуң, ишке жарады!» – деп кыйкырды* (Жигитов). *Аз-замат! Ишке жараган тура!* (Медетов). *Көрсө, мен билбепмин. Ишке ошол киши жарады* («Кыргызстан маданияты»).

**ИШКЕР** *экон.* Демилгелүү иш-аракеттери менен айырмалануучу жана ишкананын уюштуруу үчүн каражаттарды издештирип табуучу, ошол каражаттар менен ишкердик тобокелин жана мүлктүк жоопкерчиликти өз мойнуна алган, мамлекеттик каттоодон өткөн жана каттaлгандыгы жөнүндө күбөлүк алган жак, инсан. *Зейнеп чыйрак, ишкер аял* («Советтик Кыргызстан»). *Султаналы ишкер неме* (Каимов). *Шамбеттер ишкер болуп чыкканда, Чегирткени айылдан айдап салган* (Сыдыкбеков).

**ИШКЕРДИК** Ишке жөндөмдүүлүк, иштин жайын мыкты билгендик, активдүүлүк, уюштуруучулук. *Ишкердиги бар. Ишкердигиң мыкты.*

**ИШКЕРДҮҮ** 1. Ишке жөндөмдүүлүгү бар, ишкердиги бар. *Ишкердүү жигит.* 2. Чечкиндүү, активдүү, кызуу темп менен, аракети күчтүү, кызуу.

**ИШКЕРЛИК ишкердик** менен бирдей.

**ИШМЕКЕР** Кандайдыр бир иш иштөөгө, кийим тигүү ишине мыкты, чебер. *Кийин күйөөңдүн калпагын ишмекерге көтөрүп жүрбө* (Сыдыкбеков).

**ИШМЕР** 1. Кандайдыр бир ишти жакшы билген чебер, уста. *Шахтага инженерлер, ишмерлер келе баштады* (Сасыкбаев). 2. Коомдук иштин кандайдыр бир тармагында иши, эмгеги менен өзүн көрсөтө, тааныта алган адам. *Коомдук ишмер. Саясий ишмер. Искусствого эмгек сиңирген ишмер. Маданият ишмери.*

**ИШМЕРДИК** Ишке жөндөмдүүлүк, билгичтик, иштин көзүн таба билүүчүлүк, уюштуруу жагына жөндөмдүүлүк. *Дүйшөнкул өзүнүн ишмердиги аркасында колхоздун белдүү кишилеринин бири болду* (Бөкөнбаев).

**ИШМЕРЛИК ишмердик** менен бирдей. *Ишмерлигин өркүндөтүү.*

**ИШМЕЧИ ишмекер** менен бирдей. *Ишмечи аял.*

**ИШПАЛДАСЫ ЧЫГУУ** Тамтыгы кетүү, жараксыз болуу. *Кайран карагайдын күнү качып, ишпалдасы чыга баштаптыр* (Борбиев).

**ИШТЕ** 1. Күч эмгегин, акыл эмгегин жумшоо аркылуу кандайдыр бир жумушту, ишти аткаруу, бир нерсе жасоо аракетинде болуу. *Жумушчулар цехтерде кызуу иштеп жатышат.* (Бектенов). *Ал үйгө берген тапшырманы иштеп отурган* (Сыдыкбеков). *Фатима эң эптүү, шамдагай иштеп жатат* (Сасыкбаев). 2. Кызмат аткаруу. *Акбар министерстводо да иштеп калган экен* (Убукеев). 3. Кыймыл-аракетке келүү, кыймыл-аракетте болуу, жүрүп турган абалда болуу. *Чынжыры шалдырттап, конвейер иштей баштады* (Сасыкбаев). 4. Кызмат жүрүп жаткан, жумуш күнү улантылып аткан абалда болуу. *Магазин дем алышсыз иштейт. Библиотека саат 10 дон баштап иштейт. Ашкана саат он экиге дейре иштечү.* 5. Кандайдыр бир уюм, мекеме, кружок ж.б. өзүнө тиешелүү милдетин аткарган абалда болуу, иш жүргүзүп туруу. *Мектепте өздүк көркөм чыгармачылык кружогу иштейт. Шахтада хор кружокторубуз иштейт.* 6. Өз милдетин аткаруу. *Жүрөгү жакшы иштейт. Аш казаны начар иштейт.*

**ИШТЕЛ иште** этишинин туюк мамилеси. *Бул тапшырма айласыздан иштелди* (Токомбаев).

**ИШТЕЛМЕ** Кайсы бир көйгөйлүү маселени чечүүгө багытталып иштелип чыккан идея, сунуш, эсеп-кысап, жобо. *Жаңы өндүрүштүк иштелме. Долбоорлук иштелме.*

**ИШТЕН ЧЫГУУ** 1. Жараксыз болуу, жарабай калуу, жөндөмдүүлүгүн жоготуу. *Султандын сандары да иштен чыкты* (Шүкүрбеков). 2. Бузулуу, талкалануу, иштебей калуу. *Эски араба турат чалдыбары чыгып, абзелин ала кетели десек, анысы да иштен чыгып кетиптир* (Айтматов). *Курсагы ач, Көзүндө жаш, Кийимдери иштен чыгып далбаган* (Турусбеков).

**ИШТЕП ЧЫГУУ** Кандайдыр бир токтом, чечим, көрсөтмө ж.б. менен таанышып, маанисин ачып билүү, үйрөнүү, түшүндүрүү, талкуулоо, ондоолор, тактоолор киргизүү иштерин жүргүзүү. *Өмүш чөп чабыкта иштеп жаткандарды чогултуп директордун приказын иштеп чыкты* (Байтемиров).

**ИШТЕП ЧЫГУУЧУ** Иштелмени жасап, бүткөрүп берген адис. *Мыйзам долбоорун иштеп чыгуучу.*

**ИШТЕРМАН** Иштегенди жакшы көргөн, ишсиз тура албаган, ишке, жумушка күжүрмөн, эмгекчил, мээнеткеч. *Жатпайт бекер иштерман, Жайы-кышы тырмышып* (Токтогул). *Кайраткер, чебер бул жигит, Иштерман эри элинин* (Маликов).

**ИШТЕТ** 1. **иште** этишинин аркылуу мамилеси. *Көзү жетип турган Бектур Айымжанга аны иштеткен эмес* (Сыдыкбеков). 2. Дыйканчылык иштеринде жер айдоо, малалоо, үрөн себүү, жер семиртүү сыяктуу түшүмдү камсыз кылуу максатындагы жумуштарды жүргүзүү. *Эгин талаасын иштетип бүттү. Жерин иштетип чыкты.* 3. Сапатын, касиетин, составын жакшыртуу максатында андан аркы колдонууга, пайдаланууга даяр болгон түргө келтирүү. *Терини иштетип койду. Кен иштетип, ылгап чыгуу иштери.*

**ИШТЕТИЛ иштет** этишинин туюк мамилеси. *Тери иштетип бүттү.*

**ИШТЕТИП АЛМА ЧИЙКИ ЗАТ** Башка өлкөгө же башка регионго даяр продукция түрүндө иштетип алуу үчүн берилип, кайра ошол чийки затты өндүрүүчүгө же жиберилген өлкөсүнө кайтарып берилүүчү чийки продукция.

**ИШТЕТҮҮ иштет** этишинин кыймыл атоочу. *Пахтаны иштетүү жумуштары.*

**ИШТЕШ иште** этишинин кош мамилеси. *Атам менен Эсен акем азырынча караанды көбөйтүп, биз менен иштеше турсун* (Жантөшев).

**ИШТИКТҮҮ** 1. Ишмер, иштин жайын жакшы билген, ишке жөндөмдүү. *Карымшаков маданияттуу, иштиктүү, эл менен сүйлөшкөндү жакшы билген азамат* («Ала-Тоо»). 2. Иштин кызыкчылыгы үчүн багытталган, иштин үлүшүнө, чечилишине пайдасы бар, таасирлүү. *Бригадир да бир кыйла иштиктүү сөздөрдү айтты* (Убукеев).

**ИШТИКТҮҮЛҮК** 1. Ишкердик, ишмерлик, ишке жөндөмдүүлүк. *Аппак өргөө Батинанын уздугуна, иштиктүүлүгүнө күбө* (Сыдыкбеков). 2. Иштин пайдасын көздөгөндүк, таасирдүүлүк.

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛБӨӨ** Иштин, иштөөнүн ыгын, аткаруу, бүткөрүү жолун түшүнбөө, ишти аткарууда тажрыйбасыздык кылуу. *Тарбиясы болбой, иштин көзүн билбей турса, ушул учурда... башка бир жетик адамды хан-*

*га аталык бийлигине чакырса болот* (Касымбеков).

**ИШТИН КӨЗҮН ТААНУУ** Жумуштун шартын, жөнүн, ыгын мыкты билүү, аны билгичтик менен аткара алуу, майын чыгара иштөө. *Иштин көзүн тааныган звено башчысы сөзгө аралашып отурду* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Иштин көзүн табуу.** *Иштин көзүн тапкан, заң-закүндү билген адам айтып отурбайбы*.

**ИШТӨӨ иште** этишинин кыймыл атоочу. *Көпчүлүк жабалактап иштөөдө* (Сыдыкбеков).

**ИШТҮҮ** Кийим-кечелерди бычып-тиккенге жөндөмдүү, ишмекер, тикмечи. *Кычандын апасы Турдукан иштүү адам* (Бейшеналиев).

**ИШТҮҮЛҮК** Кийим-кечелерди бычып-тикkенге жөндөмдүүлүк, уздук, тигүү чеберчилиги. *Иштүү катын Каныкей, иштүүлүгүн билгизип* («Манас»).

**ИШЧИ** *сейр.* Жумушчу. *Ким аттанат ишчи, дыйкан эрки үчүн* (Токомбаев). *Ишчилер шаңдуу безенип, Кездешти жер, суу, кет менен* (Токомбаев).

**ИЮЛЬ** Календарлык жыл эсебинин жетинчи айынын аты. *Июлдун жыйырмасында Акжиян базарына бет алдык* (Бейшеналиев).

**ИЮНЬ** Календарлык жыл эсебинин алтынчы айынын аты. *Жайлоо толгон, июнь айы, Керме тоолор жашылдуу* (Бөкөнбаев).

## Й

**ЙОД** 1. Негизинен деңиз балырынан алынуучу кара күрөн түстөгү химиялык элемент. 2. Ушул элементтин спирт кошулуп медицинада колдонулуучу эритмеси.

**ЙОДДУУ** Составында йоду бар, йод кошулган. *йоддуу натрий.*

**ЙОГА** 1. Индияда диндик-философиялык окуу. Адам өзүнүн денесин, психофизиологиялык функциясын башкаруу үчүн атайын ыкмаларды иштеп чыгарышкан. 2. Ошол окуунун жактоочулар иштеп чыккан дене тарбия көнүгүүлөрдүн системасы.

**ЙОГОТЕРАПИЯ** Йог аркылуу дененин айыктыруусу.

**ЙОГУРТ** Кефирге окшош кычкыл-сүттөн жасалган, витамин жана жемиштер кошулган азык.

# К

**К** *к.* **ка.**

**КА** «К» тамгасынын аталышы.

**КАА** Каздын созулунку каркылдай чыгарган дабышын, үнүн билдирүүдө колдонулат. *Каа, каа калың каз, Кача албайсың алың аз* (Осмонов).

**КААБА** Сауд Аравиясынын Мекке шаарындагы мусулмандардын ыйык, ажылык кылып барчу эң негизги жайы. Ал жерде ислам динине чейин эле арабдар сыйырып келген кара таш бар.

**КААБАТУЛЛО** Алланын мечити, кудайдын үйү. Бүткүл мусулмандар табына турган мечит.

**КААБЫНА КАЛУУ** Ачуусуна тийип алуу, жинин келтирүү. *Кыңк этип каяша айтсаң, манатпардын каабына каласың* (Сыдыкбеков). **В.: Каарына калуу.** *Кокус дайындаганын аткарбай каарына калышса, оңбосу шексиз* (Бейшеналиев). *Бу дагы кудайдын эркидир, айлыбыздын четине Домбу өлүп калып, минтип ханыбыздын каарына калып отурабыз* (Касымбеков).

**КААДА** 1. Салт, үрп-адат. *Каада билген карысы, Ак сакалдуу баарысы* («Манас»). *Ошо тойду көрүүгө Журт каадасын билүүгө* («Эр Төштүк»). *Кары билет кааданы, карчыга билет сонону* (макал). 2. Адат, көнүмүш, өнөкөт. *Гүлнар каадасындай ага да эркелей кеткиси бар* (Сыдыкбеков). *Кара ниет адамдын Каадасы калбайт карганча, Өткөн өөнү билинбейт, Өлөр күнгө барганча* (Токтогул). 3. Урмат, ардак, шаан-шөкөт, кадыр-барк. *Каада менен жөнөттү, Урматтап калкы Жамбылды* (Осмонкул).

**КААДА КҮТҮҮ** Пейил күтүү, каадаланып шаан-шөкөттүү, элден бөтөнчө болуп баалануу. *Жорого эрке бала болуп каада күткөн Эсир колдон келбесин билип, бүркүт ордуна жору тапшырды* (Осмоналиев). **В.: Каада чайкоо.** *Кыз кезинде бул Чүрөк, Каада чайкап, эл бузган* («Сейтек»).

**КААДАЛА** Урмат кылуу, шаан-шөкөттөө, барктоо, ардактоо. *Кан Көкөтөй чоң ашын, Каадалап барып көрөм деп* («Манас»). *Үч канга катар салам айт, Каадалап катуу кабар айт* («Манас»).

**КААДАЛАН** Каада күтүү, баалануу, өзүн жогору көрсөтүү. *Тазасынып өзүнчө, Каадаланган кожо экен* (Тоголок Молдо)

**КААДАЛАНТ** **каадалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КААДАЛАНУУ** **каадалан** этишинин кыймыл атоочу.

**КААДАЛУУ** 1. Кадырлуу, барктуу, сыйлуу, нарктуу, ардактуу. *Кадырлуу Чүрөк заыйбың, Каадалуунун өзүсүң, Дүмөктүү кара көзүсүң* («Сейтек»). *Каадалуу өткөн замандын, Карылар айтып беришкен* (Казыбек). 2. Олуттуу, орундуу. *Чоро санаасы тынчып дасторконго каадалуу келип отурду* («Ала-Тоо»). *Молтой ханга каадалуу карап сөз айтат* (Убукеев). 3. Кадыресе, кадимкидей, токтоо. *Киши каадалуу болгонунан, айланайын!* (Абдумомунов). *Турсун каадалуу адамдардан бетер убарачылыкты кошо бөлүшүп, Сатардын жанында айланчыктайт* («Жаш ленинчи»). *Абаз жүрүшкө эмнелер керек экенин каадалуу адамдай атасына айтып берди* (Таштемиров).

**КААДАСЫЗ** Каадасы жок, барксыз, нарксыз, шаан-шөкөтү жок. *Кыз калыңсыз болсо да, каадасыз болбойт* (макал).

**КААДАСЫН КАРМАТУУ** *к.* **адатын карматуу.**

**КААДАСЫНЧА** Адатынча, үйрөнгөн өнөкөтү, көнүмүшү боюнча. *Күлжан ордунан туруп, каадасынча күлүңдөп басып барды* (Байтемиров). *Чоң эне Валяны кучактап, каадасынча чокусунан өптү* («Кыргызстан аялдары»). *Акия каадасынча шакылдап сөзмөр болгусу келет* (Сыдыкбеков).

**КААК: каак-каак** Карга, каз сыяктуу куштардын каркылдап чыгарган дабышын тууроо үчүн колдонулат. *Каак-каак каргалар, Камыш түбү жорголор* (Тоголок Молдо). *Ала карга батыш жакты карап алып «каак» деп коёт* («Советтик Кыргызстан»). *Каак-каак этип деңиз куштары жанталашат* (Айтматов).

**КААКЫ ОРДУНА КӨРБӨӨ** 1. Кенебөө, тоотпоо, кабагым-кашым дебөө, чым этпөө. *Ал түгөнгөн Сарыбай, Бир сайганда өлгөн жок, Кабылан Сейтек сайганын, Каакы ордуна көргөн жок* («Сейтек»). *Азгандын жогоркудай төөдөгү дымагын айланада турган каттоочулар каакы ордуна көрүшпөгөндөй* (Кыдыралиев). 2. Теңсинбөө, теңине албоо, киши ордуна көрбөө. *Ал тиги тургандарды деле каакы ордуна көрбөй жай гана башын көтөрдү* (Бектенов). **В.: Каакыча көрбөө.** *Ал сени каакыча көрбөйт. Ал мени каакыча да көрбөдү* (Сыдыкбеков). **Каакы көрбөө.** *Ошол мадыра башты ...ой, аны мен каакы көрөмбү, үйлөп коём. Ики, анан ал эмне кылды?* (Саатов). *Отордү Анар каакы ордуна көрбөдү* («Ала-Тоо»).

**КААКЫМ** Жел жүргөндө жеңил учуп кетүүчү, уругунун учунда үлпүлдөк түгү бар, сары гүлдүү өсүмдүк. *Сүйүү – үйлөсө учуп кетүүчү каакымдын үлпүлдөк башы эмес* (Ашубаев). *Жыпар береги аары коно калган каакымдан көзүн албай мостойду* (Сыдыкбеков).

**КААЛА** 1. Жактыруу, көңүлү түшүү, жак-

шы көрүү. *А сен каалаганыңы сура* (Жантөшев). *Омор өзү каалап, мектеп багына күзөтчү болгон* (Сыдыкбеков). 2. Тилөө, эңсөө, самоо. *Китепте не кааласаң бардыгы бар, Эрикпей карап чыксаң таамай издеп* (Осмонов). *Ар ким бактылуу болууну каалайт* (Токомбаев). *Айдайдын каалаганы да илим* (Каимов).

**КААЛАМАЙ** *диал.* 1. Жаш балдар эки катар болуп кол кармаша тизилип, анан бирөө созулган колдун астынан өтүп, каалаганын этек-женден тартып, чертип, чымчып ойногон оюндун аты. 2. Өзү каалап, бирөөгө баш кошкондук.

**КААЛГА** Короонун, үйдүн же башка имараттын ачылып-жабылып турууга ылайыкталып темирден же жыгачтан жасалган эшиги. *Бирок каалга жабык болуп чыкты* (Токомбаев). *Актан Кашаң карагерди теминип, дал каалганын түбүнө келет* (Бейшеналиев). *Аңгыча сырткы үйдүн каалгасы шарак этип ачылды* («Ала-Тоо»).

**КААЛГАЛУУ** Каалгасы бар, каалга орнотулган. *Каалгалуу Эшиктен кире албай, жөргөмүшчө салбырап, үйгө жел боо менен да түштүк* (Токомбаев). *Кармалып барып көп жаттым, Каалгалуу таш тамда* (Токтогул).

**КААЛГУУ каалгы** этишинин кыймыл атоочу.

**КААЛГЫ** 1. Үргүлөө, жарым уйкуда болуу, көшүлүңкү тартуу. *Каалгып уктап Саринжи, Ак Берметке сүйлөнүп* («Саринжи-Бөкөй»). *Жайлоого көчүп бараткандa, жүктүү төөнүн үстүндө каалгып олтурган Токтогул көчтүн кайсы жол менен кеткенин байкаган да эмес.* (Токомбаев). 2. Өтө жай кыймылдоо, жай жүрүү, теңселип жай басуу. *Ачейке карыя эки колду аркага алып, каалгый басып жүрүп отурду* (Убукеев). *Акынжан каалгый басып, жолго түштү* (Байтемиров). 3. Билинер-билинбес ыргалуу, термелгенсип, чайпалгансып туруу. *Көчө бойлой менменсиген узун теректер өзүнчө бир сырга баткандай каалгыйт* (Сыдыкбеков). *Динар карагайдын каалгыган учунан көзүн айырбай карап турду* (Сыдыкбеков). 4. Абада өтө жай калкып жүрүү, калкып жылуу. *Бүркүт каалгып айлана берип, бир кезде көзгө илээшпей, алыстап калды* («Ала-Тоо»). *Асманда адашкан ак булуттар каалгыйт* («Ала-Тоо»).

**КААЛГЫТ каалгы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КААЛОО каала** этишинин кыймыл атоочу.

**КААЛООЧУ** Кандайдыр бир нерсеге каалоосу бар, каалаган адам. *Каалоочулардын суроосу боюнча концерттин эң кызык номерлери дагы кайталанып жатты* («Ала-Тоо»).

**КААМЫТ** Жыгачтан жасалып, сырты кийиз жана кайыш менен капталып, арабага, чанага, сокого ж.б. чегилүүчү аттын мойнуна кийгизиле турган ат шайманы. *Жалаң каамыттан башка жүгөн, чылбыр дегенден эчтеме жок* (Сасыкбаев). *Бири салып каамыт, жүгөн, догоосун, Иштеп жатат алдарына жараша* (Токомбаев).

**КААМЫТ КИЙҮҮ** Баш ийүү, биротоло моюн сунуу. *Кантип деги макул болот жер жүзү, Каамыт кийип, кордугуңа көнүүгө* (Маликов).

**КААМЫТТА** Мойнуна каамыт кийгизүү.

**КААМЫТТАЛ каамытта** этишинин туюк мамилеси.

**КААМЫТТАШ каамытта** этишинин кош мамилеси.

**КААМЫТТОО каамытта** этишинин кыймыл атоочу.

**КААП I** Каар, кордук, запкы, азап. *Эгер бий каабына алып койсо, айыпкер адамдын жеке өз башы эмес, бүт уруусу айыпкер* (Сыдыкбеков). *Ачарчылыктын каабына учураган качкын кыргыздарга өкмөт үй, мүлк берип, тундуруп салыптыр!* (Сасыкбаев).

**КААП II кап II** менен бирдей. *Каап, атаганат! – деп, Омор акем өкүнгөнсүп, тап-тап санын чапкылайт* (Сыдыкбеков).

**КААП СҮЙЛӨӨ** Ажылдап беттен алуу, аркырап бир тийүү. *Каап сүйлөгөндү кайдан үйрөнгөнсүң! Ачуума тийбей отур* (Ш.Үмөталиев). *Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт* (макал).

**КААПЧЫЛЫК** Кыйынчылык, каатчылык, кыйноо тарттырган азаптуу шарт. *Каапчылык келтир.*

**КААПЫР** 1. Динсиз, мусулман эмес. 2. *өт.* Митаам, арамзаа, абийирсиз, нысапсыз ж.б. *Атасынын көрү каапырдын* («Манас» С.О.). *Каапырдын түшүп зынданга, Канча бир пенде кор болгон* (Казыбек). *Калк бузулду адашып, Каапырдан динин талашып* (Казыбек).

**КААР** 1. Кыжыры келген, жинденген абал, ачуу, заар. *Үнү кардыгып, каарына келген Турар анын бет алдына келди* (Каимов). – *Токто. Былк этпегиле! – деп, унтерофицер каарына каар кошкондой бакырды* (Жантөшев). 2. Өтө оор кыйынчылык, азап, кордук, запкы. *Жокчулуктун каары. Жалгыздыктын каарын жакшы эле тарттың эле* (Сыдыкбеков). 3. Сүр, айбат. *Беш атарын асынып, Жүзүнөн каары чачылып* (Осмонкул). *Тилиңде балың бар экен, Көзүңдө каарың бар экен* («Эр Табылды»).

**КААР ЖИНИ** Мусулмандардын түшүнүгүндө адамдын ачуусу келишине, каарланышына анын ичине кирип азгырган жин себепчи болот. Каар – жинди чакыруу ушуга байланыштуу чыккан. *Каары жинин чакырып.* («Манас» С.О.).

**КААРДАН** Ачуулануу, ачуусу келүү, каарын төгүү. *Көрчү, каарданып бакыра баштады* (Токомбаев). *Орок Чаргындын*

*агасын жеп жибере тургандай каардана келип, кызын алып кеткен* (Сыдыкбеков). *Мамашарып саал каарданып, кабагын түйө сүйлөдү* (Жантөшев).

**КААРДАНТ каардан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КААРДАНУУ каардан** этишинин кыймыл атоочу.

**КААРДУУ** 1. Каары катуу, ачуулуу, жини жаман. *Жездеси Капсалаң каардуу адам* (Бейшеналиев). *Павлов ордунан тура келип, Ивановду карап, айбаттуу, каардуу үнүн чыгарды* (Баялинов). 2. Бүлүндүргүч, ырайымсыз, азаптуу. *Каардуу согуштун кесепети Сүлүктүгө да аябай тийген эле* (Сасыкбаев). *Каардуу согуш басылып, Жадырап кабак ачылып* (Осмонкул). *Каардуу жоону талкалап, Кайгысыз жыргал кез жетти* (Нуркамал). 3. Ызгаардуу, суугу катуу, аяздуу. *Коңур салкын күз өттү, Каардуу кыш да тез жетти* (Осмонкул). *Каардуу бороондо калган күндөр да болот* («Ала-Тоо»).

**КААРЛАН каардан** менен бирдей.

**КААРЛУУ каардуу** менен бирдей.

**КААРМАН** 1. Эрдикти, баатырдыкты көрсөткөн, эр жүрөк, кайраттуу, баатыр. *Ким каарман, ким коркок, Чуу чыкканда көрөбүз* («Эр Табылды»). 2. Көркөм чыгарманын (романдын, пьесанын ж.б.) негизги кейипкери. *Данияр – операдагы ири каармандардын бири* («Ленинчил жаш»). *Бүгүн дагы Айганыш бир китеп окуду. Китептин негизги каарманы – өспүрүм бала* (Байтемиров).

**КААРМАНДЫК** Баатырдык, эрдик, эр жүрөктүүлүк. *Асан баатырлардын каармандыгына арналган ыр окуду.*

**КААРУУ каары** этишинин кыймыл атоочу. *Шумдуктуу сөздөр менен каарууда. Ысык темир менен каарyу керек.*

**КААРУЧУ** Элдик медицинада ысык темир менен каарып, күйгүзүп дарылоочу жара. *Колуна кааручу чыгыптыр.*

**КААРЧЫЛЫК** Кыйынчылык, азап-тозок, катуу кордук. *Каарчылык тарттырган эски заман өттү.*

**КААРЫ** 1. Ысытылган темир менен күйгүзүү, куйкалоо. *Ысык темир менен аттын санын каарып эн салуу.* 2. Аябай тызылдатып үшүтүү же ысытуу. *Бетти каарыган суук. Ызгаардуу шамал бетти каарып, борошо көз ачырбай турду* (Абдукаримов). *Ысык мештин түбүндө отурган бала-чакалардын бетин каарып, от алоолонуп күйүп жатты* («Ала-Тоо»). 3. Жемелөө, жекирүү. Жекирип урушуу. *Тихонов солдаттарды каарып коё берди* (Жантөшев). *Эсен жеңиле түшкөн Эшкулду жекире тиктеп, ого бетер каарыды* (Бейшеналиев).

**КААРЫ КАЙНОО** Аябай ачуусу келүү, катуу жинденүү, жаалы келүү. *Буга чейин эч нерседен шагы сына элек тоонун эркин кожоюнунун каары кайнады* (Медетов). *Ошон үчүн байдын каары кайнап, ачуусу келген* («Кыргызстан маданияты»). *Жаны ачып, каары кайнаган Култай жанындагыларга акырая карады* (Абдукаримов). **В.: Каары бетине чыгуу.** – *Вай, падышам, бүгүн каарың бетиңе чыгып калыптыр да* (Касымбеков).

**КААРЫЛ каары** этишинин туюк мамилеси.

**КААРЫН ТАРТУУ** 1. Кандайдыр бир керектүү нерсеге абдан муктаж болуу, анын корун тартып кыйналуу. *Жокчулуктун каарын тарттык. Самындын каарын тарттык.* 2. Кыйынчылыкка дуушар болуу. *Ал жаш күнүнөн жетимдиктин каарын тартты.*

**КААРЫН ТӨГҮҮ** Аябай ачуулануу, буркан-шаркан түшүп жаалдануу, каны кайноо. – *Каргыш тийген ошол күндөр! – деп кимгедир каарын төккөндөй бурчту мелтирей карады* (Жантөшев). *Түлкүбек түрүн бузуп, каарын төктү* (Жантөшев). *Баягы күйкөлөк, дагы күйкөлөктөп бизди жыйнап алып, кеп-сөзгө келбестен, каарын төккөнү жатса керек* (Баялинов).

**КААРЫТ каары** этишинин аркылуу мамилеси.

**КААСИП** 1. Керт башка бүткөн сапат. 2. Даңк, сөөлөт, көрк. *Каасбиң каасип боюнча, Бузулган жок, Ыргалым* (Эл ырлары).

**КААСЫЛ** Ишке ашкандык, орундалгандык, кабыл болгондук. *Мураты каасыл болуу.*

**КААТ** 1. Кыйын, катуу, оорчулук туудурган, азаптуу. *Өгүзүн сойду кемпир-чал, Итке сүйрөп салбайлык, Каат болсо кышы деп* (Тоголок Молдо). *Жылдан жылга каат болуп, кургакчылык күч алган кездер жок беле* («Ала-Тоо»). 2. Такыр жетишсиз, кемчил, өтө тартыш. *Алтын чыккан жеринде каат* (макал). *Тоюткор каат болуп турганда, үнөмдөө керек эмеспи* («Ала-Тоо»).

**КААТЧЫЛЫК** Ар нерсенин жетишсиздигинен, каат болушунан келип чыккан оор, абал, кыйынчылык. *Бала чоңоюп, тилге келип, эми адам катарына кошулган кезде аябаган чоң каатчылык болот* (Каралаев). *Азыркы ырайы суук каатчылыктан кантип аман калууга болот* (Абдукаримов).

**КАБААГАН** *диал.* Кабанаак. *Кабааган дөбөттөр акынды этектен алышат* (Бөкөнбаев).

**КАБАГЫ АЧЫК** 1. Кайгы-капасы жок, жайдары, көңүлдүү. *Шергазыга чыгып келе жатканда жолукту. Анын кабагы ачык экен, кол алышып бакылдады* (Осмоналиев). 2. Кабагым-кашым дебеген, бешенеси ачык, жылдызы жарык. *Ашыр жаркылдаган кабагы ачык бала* («Ала-Тоо»). **В.: Кабагы жарык.** *Балакетиңди алайын, жылдызым, уктап жатса да кабагы жарык* (Сы-

дыкбеков). *Анын кабагы жарык, көңүлү көтөрүңкү* (Кыдырмышев). **Маңдайы жарык.** *Сыдаттын маңдайы жарык, толкунданып, өзүн бакыбат сезип отурду* («Кыргызстан маданияты»). *Арам ойлуу кишинин маңдайы жарык болбойт дешет экен* (Абдукаимов). **Маңдайы ачык.** *Жайдарым күлүмсүрөп маңдайы ачык. Жүзүндө эрк нурлары турса ташып* (Турусбеков). **Көңүлү ачык.** *Курдашыңдын көңүлү ачык, басканы шайдоот, мени көзүнүн кыры менен бир карады да сапарын улантты* («Ленинчил жаш»). **Кабак-кашы ачык.** *Абдыкеримдин кабак-кашы ачык, көзү тирүү жигит* (Бейшеналиев).

**КАБАГЫ АЧЫЛУУ** Жаркылдаган жайдары мүнөздө болуу, көңүлү көтөрүлүү. *Ал заматта жарк этип, максаты аткарылып, көксөөсү кангандай кабагы ачыла түштү* (Медетов). *Атанын кабагы ачылып, бүгүн көргөн-билгендерин сүйлөй баштады* (Убукеев). **В.: Кабагы жазылуу.** *Анын кабагы бир аз жазылды* («Ала- Тоо»).

**КАБАГЫ БҮРКӨЛҮҮ** Бир нерсеге капалануу, көңүлү чөгүү, сабыры суз болуу. *Анын кабагы гана бүркөлбөстөн, өңү да түктөйө түштү* («Чалкан»). *Жылдызкандын кабагы саал бүркөлүп, акырын жер карады* (Байтемиров). *Аны укканда үй ээсинин да кабагы бүркөлүп, келгендерге бирдеме деп жатты* (Абдукаимов). **В.: Кабагы түйүлүү.** *Анын кабагы түйүлүп, кез-кез катуу үшкүрүп, кандайдыр илең-салаң иштеп, жанындагы бизге карабай, көбүнчө жерди тиктейт* (Эшмамбетов).

**КАБАГЫ БҮРКӨӨ** Капалуу, көңүлү ачык эмес, түктөйүңкү. *Жамал улам токтой калып, эрдин тиштейт, кабагы бүркөө* (Сыдыгалиев). *Жылдызкандын кабагы бүркөө, акырын жер карады* (Байтемиров). **В.: Кабагы түнөрүңкү.** *Соодандбековдун айткандарын көңүлгө түтпай, эмнегедир кабагы түнөрүңкү бойдон сыртка чыгып кетти* («Ала-Тоо»). **Кабагы салыңкы.** *Бир чети чарчап, бир чети көздөгөн максатынын дарексиз экендигин ойлоп, Алымдын кабагы салыңкы* (Жантөшев). *Алардын кабактары салыңкы* (Тойбаев). **Кабагы салык.** *Кабагы салык бул Үрбү, Баатырдыгы дагы бар* («Манас»). *Энеси кабагы салык суу көтөрүп келе жаткан Умсунайга карады* («Ленинчил жаш»).

**КАБАГЫ ЖАРЫК** *к.* **кабагы ачык.**

**КАБАГЫ ЖАРЫЛУУ** *к.* **маңдайы жарылуу.**

**КАБАГЫ КАРЫШ САЛАҢДОО** *к.* **кабагын карыш салуу.**

**КАБАГЫ КИРДӨӨ** Капа болуу, көңүлү чөгүү. *И! Эми ушуну да жолдош кылып алганы турат ко?! – деп, кабагы кирдеп, жүзүн үйрүдү* (Касымбеков). *Өкүнүч ой көңүлүнө кылт этип, эки кашынын ортосу бир тилинип тырышып, кабагы кирдей түштү* (Касымбеков).

**КАБАГЫ САЛАҢДОО** *к.* **кабагын карыш салуу.**

**КАБАГЫ САЛЫК** *к.* **кабагы бүркөө.**

**КАБАГЫ САЛЫҢКЫ** *к.* **кабагы бүркөө.**

**КАБАГЫ ТҮЙҮЛҮҮ** *к.* **кабагы бүркөө.**

**КАБАГЫМ-КАШЫМ ДЕБЕГЕН** Эч кайгырбаган, түк кенебеген, такыр убайым тартпаган. – *Байымбетим жотолуу, кабагым-кашым дебеген баба дыйкан болор* (Бейшеналиев). *Эркек ордуна чалгы чаап, суу сугарып, оор жумуштарды жасаса да, кабагым-кашым дебеген* (Саатов). *Зайыбы үй тиричилигине тың, кабагым-кашым дебеген жайдары, ак көңүл аял* (Борбиев). *Даша оор жумушту кабагым-кашым дебей аткарат* (Сасыкбаев).

**КАБАГЫМ-КАШЫМ ДЕБӨӨ** Кейип-кепчибөө, эч нерсеге кайгырбоо, тоотпоо, кенебөө, жаркылдап жүрө берүү. *Аны кабагым-кашым дебей тосуп алып, меймандады* (Көчкөнов). *Бермет кабагым-кашым дебестен Жумабайдын жолдош-жоролорун тосуп алуучу* (Борбиев). *Ачарчылыкта баржогуна карабай, кабагым-кашым дебей өзүнүн оорусун унутуп калат* (Бердикеев). *Балдар үйүнөн чыгарып ийсе, кабагым-кашым дебей келген жагына баса берери анык* (Өмүрбаев). **В.: Кабак-кашым дебөө.** *Башына түшкөн кандай гана иш болбосун кабак-кашым дебей чыдамдуулук менен жеңип чыкчу* (Сыдыгалиев).

**КАБАГЫН БҮРКӨӨ** Капа болгондой, кайгыргандай же бир нерсени жактырбагандай сабыры суз, түнөрүңкү абалда болуу. *Кабагын бүркөгөндө бүйүрмө баштыкты бүйүргөндөй алагай көзү куушурула түшөт* (Кыдырмышев). *Мындай кишинин күлгөнүнөн, кабак бүркөгөнү көп болот* (Абдукаимов). **В.: Кабагын ачпоо.** *Эт, май, чайды оозумурдунан чыгарып шыпкап турбаса, чукчуюп кабагын ачпаган неме* (Кыдырмышев). **Каш-кабагын ачпоо.** *Каш-кабагын ачпай отура берди эле, жеңеси жылмайсаң боло дегенсип, капталынан түрткүлөдү* («Кыргызстан маданияты»).

**КАБАГЫН КАРЫШ САЛУУ** 1. Капалануу, кайгыруу, убайым тартуу. *Ал киши кабагын карыш салып, башын чайкап койду* (Кыдырмышев). *Казангап көбүнесе унчукпайт, кабагын карыш салып, ойлоно берет* (Айтматов). *Кабагын карыш салып, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп алыптыр* (Жигитов). 2. Ачуусу келүү, каардануу, түнөргөн көрүнүштө болуу. *Башкарма кабагын карыш салып, отургучун кырч-курч эттирди. Кабагын карыш салган атасы кимгедир ачууланып жатыпшыр* (Осмоналиев). *Ал кабагын карыш салып, кара тер басып, заманасы куурулуп отурду* (Бердикеев). **В.: Кабагын салуу.** *Жолбуновдун келишин сүйбөй*

*ата кабагын салып, сес көрсөтүп, аркы үйгө чыгып кетти* (Убукеев). **Кабагын саландатуу.** *Муса кабагын салаңдатып, түнөрүп, артынан басты* (Абдукаимов). *Бала телмирип ыйламсырап, кабагын салаңдатып ылдый карады* («Ала-Тоо»). **Кабагы карыш салынуу.** *Аны көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине түктүйө чыкты* (Жигитов). **Кабагы карыш саландоо.** *Кабагы карыш салаңдап, капа болуп отурду* («Ала-Тоо»). **Кабагы карыш түшүү.** *Шыгай болуштун кабагы карыш түшө бүркөлүп, түнөрүптүр* (Медетов). **Кабагы түшүү.** *Унтер-офицердин кабагы түшүп, көзүн акшыйтып Михаилге карады* (Жантөшев). *Боз үйгө жеткиче үйдөгү ата-эненин кабагы түшүп калчу* (Жусупов). **Кабагын карыш түйүү.** *Ошол үчүн Оспандын маңдайында ал кабагын карыш түйүп, кыжаалат болуп отурду* (Айтматов). **Кабагын карыш түшүрүү.** *Көчөгө чыкса эле мурчуйгандан мурчуюп, кабагын карыш түшүрүп турат* (Жигитов). *Иттин үйдөн качып кеткени атамын кабагын карыш түшүрдү* (Жигитов). **Кабагын төмөн салуу.** *Кабагын төмөн салып, бир саамга унчукпай турду* (Кыдырмышев). **Кабагын түйүү.** *Атам кабагын түйгөн калыбында муну кошумчалады* (Бердикеев). *Анан ал кара эшегин минип, мылтыгын асынып, кабагын адатынча түйүп алса, бизге укмуштай сүрдүү көрүнүп кетет* (Жигитов). **Кабагын үйүрүү.** *Бирин-экин тааныштар менен жолугуп, сүйлөшүп калганымды укса кабагын үйрөт да турат* (Сыдыгалиев). **Кабагын чытуу.** *Кыз кыртышы сүйбөй, кабагын чытып, тескери басты* (Саатов). *Ал кабагын чытып, унчукпай отурган* (Абдукаимов). *Арстан керегеге сүйөнүп, кабагын чытып куюлган терин куураган колу менен шыпырды* (Шүкүрбеков).

**КАБАГЫНА КАР ЖААГАН** Түнөрүп, ачуусу келген, каарданган, жини кайнаган. *Кабагына кар жааган, сүрүнөн душман сүрдөгөн* (Айтматов). *Ал кабагына кар жаап, адам батынып сурагыдай эмес абалда келди* (Медетов). *Анын кабагына кар жааган, болбогон нерсеге итиркейи келип, кылдан кыйкым таба албай турган кези* (Үмөталиев). **В.: Кабагынан кар жааган.** *Эненин кабагынан кар жааган, иренжий сүйлөп, эртеден берки эпкини зорго таркаган* («Кыргызстан маданияты»). *Найзаны кулагынан ашыра кармап, кабагынан кар жааган баатыр кирип бара жатат* (Шүкүрбеков). *Кабагынан кар жааган, каары чындап кайнап, токойду жойлогон ач карышкырдай көзү кызарып жөнөйт* (Медетов).

**КАБАЖЫК** *эск.* Белге курчанган кур. *Белиндеги кабажык Баатырдын найзасына жабышып* («Манас»).

**КАБАК I** 1. Көздүн чарасын жаап турган үстү жагы, көздүн үстү. *Жылдызкан анын кыйгач куйкул кашына, бийик кабагына көз кадайт* (Байтемиров). *Сергейдин чачтары кабагына түшүп, сеңселе берет* (Сыдыкбеков). 2. Жүз, адамдын бет келбетинин жалпы көрүнүшү (көбүнчө көңүл мүнөзгө карата колдонулат). *Кабагы жарык кыз экен* (Өмүрбаев). *Ай сенин, кабагыңдын бүркөлгөнү ай, Мөңгүнү кыялбаган булуттардай* (Чотурова).

**КАБАК II** Туш тарабы бийик кырдуу келген ойдуң жер, чуңкур, ой. *Кара кашка аргымак, Кабакка оозун бурду эми* («Манас»). *Туш тарабы тоо менен курчалган ушул кабакка олтуруп жапайы болуп кетет окшойм* (Абдукаримов).

**КАБАК III** Тамак даярдоого, тоют катары керектелүүчү, сабагы жерге төшөлүп өскөн огород өсүмдүгү жана ошол өсүмдүктүн ар түрдүү формадагы чоң-чоң мөмөсү. *Ай, эне ай! Мухтумхан апамын кабагын сурап, суу куюп алсак жакшы болмок эле* (Жантөшев).

**КАБАК IV** *эск.* Ичкилик сатуу, ичүү үчүн ачылган төмөнкү баскычтагы атайын жай. *Кабактарда арак ичип, мас болуп, Жүрөбү деп ойлодуңбу тепки жеп* (Турусбеков).

**КАБАК АЧАР** 1. Бирөөнүн алдына түшүү, көңүлүн ачуу үчүн көрсөтүлгөн сый (көбүнчө тартуу, калың маанисинде). *«Кабак ачарга» уялбастан үй айдап келгениңер кандай* («Чалкан»). *Андан кийин кабак ачаары деп дагы бир жарым миң сом акча бериптир* (Тойбаев). 2. Адамды ыраазы кыла тургандай, адамдын жарпын жазар, көңүл ачар (көбүнчө тамак-аш куюлган идишке карата). *Кабак ачар кара аяк.*

**КАБАК-КАШ** **кабак I** менен бирдей.

**КАБАК-КАШКА КАРОО** *к.* **кабак-кашына кароо.**

**КАБАК-КАШЫ АЧЫК** *к.* **кабагы ачык.**

**КАБАК-КАШЫ ЧЫТЫЛУУ** *к.* **кабагын карыш салуу.**

**КАБАК-КАШЫМ ДЕБӨӨ** *к.* **кабагымкашым дебөө.**

**КАБАК-КАШЫНА КАРОО** Мүнөзүн, кыял-жоругун байкап көрүү, ошого жараша мамиле жасоо, көңүлүнө, кылык-жоругуна карата мамиле кылуу. *Сиздин кабак-кашыңызга карап, эшигиңизде кызмат кылып жүрөм.* (Жантөшев). **В.: Каш-кабагына кароо.** *Сыдыгалынын каш-кабагына карап, сага эч нерсе бере албадык* («Кыргызстан маданияты»). *Колдогу жалгыз бала болгон соң кабак-кашына карайсың* (Укаев). **Кабак-кашын байкоо.** *Бир аз тынып, тигилердин кабак-кашын байкап калды* (Бердикеев).

**КАБАНААК** Каап ала турган, ажаан. *Кабанаак ит.*

**КАБАП** Шишке сайып кактап бышырган эт. *Жүрөгүм кабап, боорум чок, Сүлдөрүм калды, дарман жок* (Эл ырлары).

**КАБАР I** Кандайдыр бир окуя, иш же бирөөнүн жөн-жайы, ал-абалы ж.б. жөнүндө

айтылган же жазылган билдирүү, маалымат. *Мындан кеткенине бир жыл алты ай болсо да, Алымдан кабар жок* (Жантөшев). *Миша ааламда болуп жаткан кабарлар менен дайыма тааныш* (Абдукаримов). *Кабары бар Эшмамбет, Катыраарын билбейсиң* (Калмырза).

**КАБАР II** Ачуулануу, кыжыры кайноо, каардануу. *Ызага уугуп, намыска чыйралган Казак тиштенип, кабарып араң жүрдү* (Сыдыкбеков). *Атасы, мынча эмнеге кабардың, мен иштин жөнүн айтып жатам* (Токомбаев). *Каарданып дүпүлдөп, Кабарып, төрөң турганы* («Манас»).

**КАБАР III** Ыйлаактап, каканактап шишүү, көөп туруу. *Бети-башы кабарып, онтолоп жатты* (Айтматов).

**КАБАРАТЫ** Кабары, аты, дайыны. *Дарыйканын ошондо Кабараты угулду, Медина менен Мекеге* («Эл адабияты»).

**КАБАРГА** Эркектеринин урук безинен жыпар жыттуу зат (мускус) алынуучу, бугу тукумуна кирген, мүйүзсүз тоо жаныбары.

**КАБАРДА** Болгон нерсе жөнүндө айтуу, дарегин, дайынын билдирүү, кабар кылуу. *Бир-бир баштан баяндап, Билдирип өтөм кабардап* (Тоголок Молдо). *Кабардап мылтык аттырган, Кара жүрөк ант урган, Эр Кыяздын өзү экен* («Семетей»).

**КАБАРДАГАНСЫ** Кабар бергенсүү, дайынын, дарегин билдиргенсүү. *Таң атканын кабардагансып, кай бир чымчыктар үн салды* (Жантөшев).

**КАБАРДАН кабарда** этишинин өздүк мамилеси.

**КАБАРДАР** Бир нерсенин дарегин, дайнын билген, кабары бар, кабар уккан. *Үйүңүзгө барып, тиричилик кыла бериңиз, кызыңыз жөнүндө кабардар бололу* (Жантөшев). *Сизге эскерте турган сөз бар, ага өзүңүз кабардарсыз* (Таштемиров).

**КАБАРДАТ кабарда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБАРДАШ I кабардар** менен бирдей. *Болгон окуялар, жаңылыктар менен кабардаш адам.*

**КАБАРДАШ II кабарда** этишинин кош мамилеси.

**КАБАРДИНДЕР** *ж. с.* кабардин. Кабардин-Балкар калкын түзүүчү эл.

**КАБАРДОО кабарда** этишинин кыймыл атоочу,

**КАБАРЕ** Эстрадалык оюну бар ресторан.

**КАБАРИЖ** Динден кеткен, динден бөлүнүп кеткен.

**КАБАРЛА кабарда** менен бирдей. *Болгон иштерди кабарлап туруу.*

**КАБАРМАН кабарчы** менен бирдей.

**КАБАРСЫЗ** Дайынсыз, дарексиз, кабары жок. *Апам кылгыргаң көз караш менен тээ алыска-алыска кабарсыз балдары көрүнө калчудай тиктейт* (Айтматов). *Анархан болсо ал жөнүндө кабарсыз* (Жантөшев).

**КАБАРТ кабар III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБАРУУ кабар III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБАРЧЫ** 1. Кабар берип туруучу, кабарлоочу. *Кабарчыдан, көп угуп, Алып келди деп угуп* («Эр Төштүк»). *Кабарчы торгой бар дейсиң, Балапан кезден учурган* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Радионун, газета-журналдардын ж.б. жер-жерлерден кабар берип туруучу кызматкери, корреспондент. *Райондук газеталардын кабарчысы. «Кыргыз Туусу» газетасынын атайын кабарчысы.*

**КАБАРЧЫКТА** Ачуусун чыгара албай буулугуу, ызырынуу, кыжырлануу, ызасы келүү, кабаруу. *Мурда эле кабарчыктап араң турган байкуш өзүнө өзү ээ боло албай калды.* (Касымбеков). *Качаган койлорго кууп жете албай күйүгүп, кабарчыктап, ыза болгон баланын демин басуу кыйын болду* («Ала-Тоо»).

**КАБАРЧЫКТАТ кабарчыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБАРЧЫКТОО кабарчыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБАРЫҢКЫ** 1. Бир аз шишимек тарткан, шишигенсиген. *Андрейдин муздак шамал каарыган бети дале кабарыңкы* (Сасыкбаев). 2. Түнөрүңкү, ачык эмес. *Кабарыңкы тартып, бүркөлүп турган күн кардап жатат* (Сасыкбаев).

**КАБАТ** 1. Катар. *Жигит эки кабат имаратка кандайча келип жеткендигин сезбеди* («Ала-Тоо»). *Көк тиреген кабат-кабат, Көркөм үйлөр салынган* (Бөкөнбаев). 2. Бир нерсенин үстү-үстүнө кабатталган, кат-каты менен жаткан бөлүгү, катмары. *Экскаваторчулар тоонун коркунучтуу бош кабатын казып ойго түшүрүштү* (Сасыкбаев). *Карасаң кап үйүлүп кабат-кабат, Кампада даярдалган эгин жатат* (Шимеев). *Капустанын ар бир башы чарадай, Кабат-кабат жашыл шайы кийинген* (Осмонкул). 3. Өтө көп, мол. *Жергелүү элге дем берип, Жемишти кабат жедирген* (Тоголок Молдо). *Оюлтуп ороо казганым, Олжону кабат тапканым* (Тоголок Молдо). *Күчү кабат толду эми, Күрөшөр кези болду эми* («Эр Табылды»).

**КАБАТТА** Биринин үстүнө экинчисин кабат келтирүү, каттоо, кабат-кабат кылып беттештирүү, бириктирүү. *Керез бешилик менен чөптү кабаттай сайып, тез-тез ыргытат* (Бейшеналиев). *Анархан колуна эки жоолукту кабаттап кармап турду* (Жантөшев). *Жутаке эки кесим чучукту кабаттай сугунду* (Жантөшев).

**КАБАТТАЛ кабатта** этишинин туюк мамилеси.

**КАБАТТАН кабатта** этишинин өздүк ма-

милеси.

**КАБАТТАТ** **кабатта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБАТТОО** **кабатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБАТТУУ** Бир нече кабаттан турган, кабат-кабат болгон. *Көп кабаттуу тамдар.*

**КАБАТЫР** Санааркатар, кооптондурар жагдай, чочулагандык, кооптуулук. *Үйү жөнүндө кабатыр болуп, кетүүнүн айласын таппай турган Калыйча жылып жөнөдү* (Абдукаримов). *Кырмандан кабатыр болбо. Өлсөм-тирилсем да өз убагында бүтүрүп берем* (Абду- каримов).

**КАБАТЫРЛЫК** Кабатыр болуу, кейүү абалы, санааркагандык, капалангандык, кооптонгондук. *Апамдын кебетесинде кабатырлык бар* (Касымбеков).

**КАБЕЛТЕҢ** Дене түзүлүшү, көрүнүшү москоол, бакыбат, күч-кубаттуу. *Балбан Акмат кабелтең да, көтөрүмдүү да киши көрүндү* (Убукеев). *Маниловский Бугимовго караганда жаш, кабелтең* (Сасыкбаев). *Жүгөрү жеген малдардын, Кабелтең болот денеси* (Токомбаев).

**КАБЕЛЬ** Электр энергиясын, байланышты, сигнализацияны ж.б. жер жана суу асты менен берүүгө ылайыкталып жасалган зым же бир нече зымдардын бириктирилген тобу. *Телефон кабели. Электр кабели.*

**КАБЕРНЕ** 1. Жүзүмдүн кочкул-көк мөмөсү бар түрү. 2. Ошол жүзүмдүн сортунан жасалган вино.

**КАБИНА** Самолёттун, автомашинанын, экскаватордун ж.б. тейлөөчү адам отурууга ылайыкталып жасалган атайын жайы. *Шофер Урматтын кабинага отур дегенине карабастан, Күлжан үстүнө чыгып кетти* (Байтемиров).

**КАБИНЕТ** 1. Мекемелердеги кызмат иштей турган бөлмө. *Мекеменин кадрлар бөлүмү жайгашкан кабинет. Директордун кабинети.* 2. Атайын мекемелердин (илимизилдөө институттарынын, окуу жайларынын, бейтапканалардын ж.б.) тийиштүү аспаптар менен жабдылып, белгилүү адистик боюнча иш жүргүзүүгө ылайыкталган бөлмөсү. *Физика кабинети. Биология кабинети, Физиотерапиялык кабинет.* 3. Айрым мамлекеттердеги өкмөт ишине катышы болгон министрлер курамы. *Министрлер кабинети.*

**КАБИНКА** **кабина** менен бирдей.

**КАБЛАН** *туурасы:* **кабылан.**

**КАБЛОГРАММА** Суу асты менен жүргүзүлгөн кабель аркылуу берилүүчү телеграмма.

**КАБОТАЖ** Кемелердин бир эле деңиздин же бир мамлекеттин кеме байырлары аркылуу жээкке жакын, жээкти бойлой жүрүшү.

**КАБРИОЛЕТ** Жалгыз ат чегилүүчү, жалгыз орундуу, эки дөңгөлөктүү жеңил араба.

**КАБУУ I** **кап IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБУУ II** **кабы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫ** Ичине жүн, кебез салынган сырт кийимдерди, жууркан-төшөктү ж.б. бардык катмарын бириктире көктөп тигүү. *Ал кезде Батийна өз өргөөсүндө жууркан кабып отурган* (Сыдыкбеков). *Кемпир көптөн бери эле тигүү фабрикасында төшөк кабып иштечү* (Касымбеков).

**КАБЫЗ** 1. Кармай калуу, тийүү, жел кармай калуу. *Жел кабыз оору кабылып, Жатып калды деп уктум.* 2. Зордукчу, тартып алуучу. *Жарды болсоң – кабыз бол, Бай жанынан түңүлсүн* (макал).

**КАБЫК I** Нерсенин сыртын каптап турган катмары (мис. теректин, буурчактын, дандын ж.б.). *Теректин кабыгы. Пияздын кабыгы. Кабыгы сайын дан экен, Кымбаты дандын шалы экен* (Тоголок Молдо). *Инженер жаңыдан эле тирелген, кабыгы кызгылтым баганалар жакты карады.* (Сасыкбаев). *Жаңгак бышып, кабыктары жарылып, Араң-араң кармап турат сабагы* (Борбугулов).

**КАБЫК II** Кабылып тигилген жууркан, төшөк же сырт кийимдер.

**КАБЫКТУУ** Кабык менен капталган, кабыгы бар.

**КАБЫЛ I** Туура тапкандык, макулдук, ылайык деп тапкандык, жактыргандык. *Кабыл көрсөң көңүлүм жай, Ант айталы айныбай* (Бөкөнбаев). *Кабыл көрбөй жогорудай сөз оңун, Биздин ата өз кылганын жактырат* (Осмонов).

**КАБЫЛ II** Туш келүү, кез келүү, учуроо. *Манасты кармап алууга, Эки жүз балбан кабылды, Балакет минтип табылды* («Манас»). *Былкылдаган кара баткак, калың сазга кабылдык* (Каралаев). *Шаардын өндүрүшү үзгүлтүккө кабылбашы керек.*

**КАБЫЛ АЛУУ** 1. Иш боюнча кайрылган адамдын өтүнүчүн, суроосун же арызын угуш, иштин жөнүн сурап билиш үчүн үстүнө кийирип сүйлөшүү, кепке алуу, аңгемелешүү, кабылдоо. *Директор бизди саат ондо кабыл алат дешкен эле. Ошон үчүн эртелеп жөнөйлү* («Ала-Тоо»). 2. Өткөрүп алуу. *Аң терилерин кабыл алуу үчүн айыл-айылды кыдырып жүрдүк* («Чалкан»). *Пахта кабыл алуучу жай.*

**КАБЫЛ БОЛУУ** Тилеги, максаты, ойлогону ишке ашуу, орундалуу. *Кайгы-дартым күбүлүп, Кабыл болду тилегим* (Токтогул).

**КАБЫЛА** Уруу, урук. *Арабдар да илгери кабыла-кабыла болуп, жашаган.*

**КАБЫЛАН** 1. Жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты. *Кайыңга келип карчыга түлөйт, Булакка келип кабылан түнөйт* (Осмонов). 2. Эпостук чыгармаларда баатырларга колдонулуу-

чу эпитет. *Айтылуу Жаңыл кабылан, Ажыдаарга кабылды* (Тоголок Молдо). *Кабылан досум Курманбек, Кадуудан тоссоң көчүмдү* («Курманбек»). *Адамдын кабыланы, элең, кайран досум* («Ала-Тоо»).

**КАБЫЛАНДЫК** Баатырдык, эр жүрөктүүлүк, кыйынчылыктан кайра тартпас кайраткерлик. *Кагышканын соо койбос, Кабыландыгы көрүндү* («Манас»).

**КАБЫЛДА I** Кабыл алуу, макул табуу, жактыруу. *Кары кишинин кеби деп, кабылдап койсо кичине болуп калат да! Ал бейбак өз оюндагысын эч кимге бербей калбадыбы* («Чалкан»). *Биздин пикирибизди кабылдай турган ким бар?* («Ала-Тоо»).

**КАБЫЛДА II** Жара, шишик күчөп, ырбап кетүү. *Кабылдап октун орду, жанды кыйнап, Ширидей эрдин дени каткан эле* (Токомбаев). *Кабылдады айла жок, Калмактын сайган жарасы* («Курманбек»).

**КАБЫЛДАТ I кабылда I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБЫЛДАТ II кабылда II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБЫЛДОО I кабылда I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫЛДОО II кабылда II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫЛДЫР кабылт** менен бирдей.

**КАБЫЛТ кабыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБЫЛУУ кабыл II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫМА** Кабылган, кабып тигилген. *Кабыма чепкен. Кабыма шым.*

**КАБЫР I** 1. Көр, мүрзө. *Мурат алдындагы түрү суук таш кабырды саамга телмире тиктеп турду да, анан адаттагы салт менен…* (Даникеев). – *Оо, Бегим, кабырды кайтардым канча жыл Маа тааныш, ар мүрзө, ар бир чаң, ар бир кыл. А мобу атактуу акындын кабыры* (Өмүрканов). 2. Бейитке коюлган белги.

**КАБЫР II** Жука темирден же калайдан жасалган нерсени ичин көздөй кабырылта майтаруу, майыштыруу, капшыруу.

**КАБЫРГА** Бир башы арка омурткаларына туташып, экинчи башы төш сөөгүнө биригип, иймегирээк келген, дененин көөдөн жаккы бөлүгүндөгү ичке сөөктөр. *Бирөө башын басып, бирөө кабыргасын сыйпалап кыңкысташат* (Сасыкбаев). *Атабек казылуу кабырганы кыртыштай кесип сугунууда* (Жантөшев). *Бир убакта Жамийла мени кабыргага түрүп, Даниярды карай көзүн кысып, күлүп койду* (Айтматов).

**КАБЫРГА СӨӨГҮ СӨГҮЛҮҮ** *к.* **кабыргасы сөгүлүү.**

**КАБЫРГА ТУУГАН** Алыс тууган, кыйыр тууган, туугандыгы анча жакын эмес. *Кабак-Арт менен Сары-Колдон Кабырга тууган кыпчак бар* («Манас»). *Жанагы Шекер ошонун кабырга «туугандары»* (Үмөталиев).

**КАБЫРГАГА БАТУУ** *к.* **кабыргасына батуу.**

**КАБЫРГАГА ТАШ БАТУУ** *к.* **кабыргасына батуу.**

**КАБЫРГАЛА** Кабыргадан алуу, кабыргасынан кармоо.

**КАБЫРГАЛАШ** Анча алыс эмес, жанаша, жакын, коңшу, айылдаш. *Кабыргалаш турчу элек, Кара калмак эл кайда, Манас* («Манас»). *Кабыргалаш бир үйгө, Көчүп келсе кошуна* («Ала-Тоо»).

**КАБЫРГАЛУУ** 1. Кабыргасы каркайган, кабырга сөөктөрү өскөн. *Кабыргалуу ат.* 2. *өт.* Семиз, эттүү, кабыргасы кыртыштуу, майлуу.

**КАБЫРГАСЫ АЧЫЛБАГАН** Семиз, арыктабаган. *Мал кабыргасы ачылбаган бойдон кыштан чыгат* (Байтемиров).

**КАБЫРГАСЫ КАЙЫШУУ** 1. Бирөөгө боору ооруу, жаны ачуу, ага кейип аёо сезиминде болуу. *Кабыргасы кайышып иштеп жүрөт. Эрке өсүп, бошураак чыгып калганын жакшы билген абышка баласына кабыргасы кайышып, кейип турганын билгизбеди* (Абдукаримов). *Ушундай сөздөрдү укканда, аларга ниеттеш кишилердин да кабыргасы кайыша тургандай* (Каимов). *Сары хан жалгыз канетсин, Кабыргасы кайышып* («Семетей»). *Буга менин кабыргам кайышып отурган жок* (Элебаев). *Асыранкулдун санаасы санга бөлүнүп, кабыргасы кайышып, ою чабыттап алыста* (Сыдыгалиев). 2. Оорчулуктун, кыйынчылыктын азабын тартуу, кыйналыпкысталуу. *Жокчулуктун айынан ал байкуштун кабыргасы кайышты го* («Ала-Тоо»). *О, жокчулук! Ушинтип далайдын белин майыштырып, кабыргасын кайыштырасың да* (Абдукаримов). *Аялдын турмушуна жүрөгү эзилип, кабыргасы кайышып турду* (Сыдыгалиев). *Сен эмес ушу баарыбыздын кабыргабыз кайышты* (Жигитов). **В.: Кабыргасы майышуу.** *Кабыргабыз майышып жакын адамыбыздан, бир туугандан ажырадык* («Ала-Тоо»).

**КАБЫРГАСЫ КАТУУ** Күчкө толуп жетилүү, бой тартып, эр азамат болуу, баралына келүү. *Дербиш бала эмес, кабыргасы катып, капкачан турмуштун кең жолуна чыккан адам* (Каимов). *А биз колхозчунун балдары, алардын ордун бастык, кабыргабызката электе оор түйшүк көтөрдүк* («Советтик Кыргызстан»).

**КАБЫРГАСЫ МАЙЛУУ** Бардар, колунда бар, оокат-тиричилиги мыкты. *Алар болсо, кабыргасы майлуу адамдар, бизде эмне болсун* («Чалкан»).

**КАБЫРГАСЫ МАЙЫШУУ** *к.* **кабыргасы кайышуу.**

**КАБЫРГАСЫ МЕНЕН КЕҢЕШҮҮ** 1. Ары

жак, бери жагын байкаштырып, абдан ойлонуу, шашпай көпкө ойлонуу. Өзүнчө чечимге келүү. *Ташболот мырза, мен бир-эки күнгө өз кабыргама кеңешейин* (Бектенов). *Кабыргаңа кеңешип туруп, жообун берип кой, садага* (Сыдыкбеков). *Кабыргаңа кеңешип, эртеңке дейре жообуңду бер* (Бейшеналиев). *өт.* 2. Эркек кишинин зайыбы менен кеңешүүсү, акылдашуу. **В.: Кабыргасына кеңешүү.** *Кабыргаңа кеңешип туруп, жообуңду берип кой, садага* (Сыдыкбеков). *Ташболот мырза, мен бир-эки күнгө өз кабыргама кеңешейин* (Бектенов).

**КАБЫРГАСЫ СӨГҮЛҮҮ** Аябай жаны ачуу, зээни кейүү, катуу капалануу. *Ошол кызымдан ажырап кабыргам бир сөгүлсө, күйөө баламдын кылыгынан сай-сөөгүм сыздап, экинчи ирет кабыргам сөгүлүп отурат* («Чалкан»). *Ошон үчүн ал ботосу өлгөн иңгендей боздоп, кабыргасы сөгүлүп, сыздап турду* (Сайдуллаев). **В.: Кабырга сөөгү сөгүлүү.** *Кабырга сөөгү сөгүлүп, Көзүнүн жашы төгүлүп* («Манас»).

**КАБЫРГАСЫН БИТ ЖЕГЕНЧЕ КӨРБӨӨ** Кенебөө, тоотпоо, эч нерсе таасир этпегендей болуу, камаарап да койбоо. *Кабыргасын бит жегенче да көргөн жок* («Чалкан»). **В.: Кабыргасы бит чакканча болбоо.** *Автобустун шофери менен анын жардамчысынын кабыргасы бит чакканча да болгон жок* («Чалкан»).

**КАБЫРГАСЫН СӨГҮҮ** Аябай жазалоо, кордук көрсөтүү, абдан оор абалга дуушар кылуу. *Тосуп жаткан жоо болсо, Ылаачындай тийейин, Кабыргасын сөгөйүн* («Семетей»). *Күлчоронун кабыргасын сөккүлө, Калтырбай канын төккүлө* («Сейтек»).

**КАБЫРГАСЫНА БАТУУ** Аябай кордук көрүү, азап тартуу, кыйын, оор абалга туш келүү, абдан кыйналуу. *Тиги Арстандын оорусу кабыргама батып турат* (Шүкүрбеков). *Таштанбек кабыргасына баткан оор турмуштун бардык ызгаарын пил сыяктуу көтөрүп, чыдап жатты* (Саатов). **В.: Кабыргага таш батуу.** *Бүгүн бечаралык башына түшүп, карайлаган элди көрүп, ого бетер кабыргасына таш батты* (Бейшеналиев). *Кайран эл тентип кеткенде, Кабыргама таш батты* (Тоголок Молдо). *Тоголок Молдо кыйраган журт, улуган ит, ээн талаага айланган ата конушун көрүп, боконо жүлүнү сыздай, акыры «кабыргама таш батты» дегенди кайталай берди* (Бейшеналиев). **Кабыргага таштай батуу.** *Кабыргага таштай баткан жокчулуктун кээри бат кете койбосо да, кеңчилик берешен колун энеге да сунду* (Касымбеков). **Кабыргага батуу.** *Мокендин жоругу жолдо калсын, кабыргага аябай батты го* («Чалкан»).

**КАБЫРГАСЫНА КЕҢЕШҮҮ** *к.* **кабыргасы менен кеңешүү.**

**КАБЫРУУ кабыр II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫРЧЫК** Нерсенин же жаныбарлардын сырткы кабыгы. *Алымкулдун нымшыган этине буудайдын кылканы, жука кабырчыктары жабышкан* (Абдукаримов). *Сойлоп жүрүүчүлөрдүн терисинде мүйүз пластинкасы же кабырчык түрүндөгү калканч катмар пайда болот.*

**КАБЫРЫЛ** 1. **кабыр II** этишинин туюк мамилеси. *Кабырылган чака.* 2. Ачка болуу, ичи ичине батып, капшыты чыкпай туруу. *Куураган уйлардын желинин ушалагыча курсагын карап көрбөйсүңбү? Кабырылып араң турат* («Чалкан»). 3. Каруусу келбей кыйналуу, майышуу. *Суу көтөрүп кабырылып келаткан Гүлайым экөөнүн муңдашып, сырдашып жатканын көрүп, селдее түштү* (Бейшеналиев).

**КАБЫРЫЛТ кабырыл** этишинин аркылуу мамилеси. *Сары кашка кабыргасын кабырылтып, көңүлсүз аяк шилтеп келе жатат* (Каимов).

**КАБЫРЫЛУУ кабырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫШ I: кол кабыш.**

**КАБЫШ II** 1. Кабырылуу, капшырылуу. *Чайнек кабышып калган.* 2. Карышуу, карышып калуу. *Өкүнүч жеңип, «аттиң» - дейт ичтен. Кабышып жаагы үн чыгып тиштен* (Абдыраманов).

**КАБЫШ III** 1. Бирин бири тиштешүү (ит, карышкыр ж.б.). *Ыркырап иттер кабышкан* (Калык). *Карышкырлардын улуганы, арсылдашып алышканы, бирин бири кабышканы жакындады* (Жантөшев). 2. *өт.* Жаман-жакшы айтышып урушуу, кер-мур айтышуу, ажылдашуу. *Манаптар кайрап уруусун, Кутурган иттей кабышкан* (Маликов). *Канды кудай урарда, Катыны менен кабышат, Калкы менен чабышат* («Сейтек»).

**КАБЫШ IV кабы** этишинин кош мамилеси.

**КАБЫШТА** Каттап бүктөө, бүгүү. *Ай-көлдү кармап кабыштап, Алганда туура өңөрүп, Ак каңкыга табыштап* («Манас»). *Кайра байлап кабыштап, Кызыл нарга табыштап* («Эр Төштүк»).

**КАБЫШТЫР I кабыш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБЫШТЫР II кабыш III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАБЫШУУ I кабыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАБЫШУУ II кабыш III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАВАЛЕР I** 1. Аял менен жуп болуп бийлөөчү эркек. 2. Кыздарды, келин-кесектерди жандаган жигит. *Кавалериң барбы? Болсо ээрчите кел, бирге киного баралык* («Ала-Тоо»).

**КАВАЛЕР II** Орден менен сыйланган

адам. *Даңк орденинин кавалери. Алтын жылдыздын кавалери.*

**КАВАЛЕРИСТ** Кавалерияда кызмат өтөөчү аскер. *Жаш кавалеристтин ат ойнотуп чаап жөнөгөнүнө биз кызыгып карап калдык* («Ала-Тоо»).

**КАВАЛЕРИЯ** Атчандар, ат менен жүрүүчү аскерлер. *Мен кавалерияда командир болуп кызмат кылгамын* («Ала-Тоо»).

**КАВКАЗДЫКТАР** *ж. с.* Кавказдык. Кавказда жашаган бир нече элдердин өкүлдөрү.

**КАВХАР** *туурасы:* **каухар.**

**КАВЫР** *туурасы:* **кабыр.** *Достору кавыр жасатып келишиптир.*

**КАВЫРСТАН** *диал.* Көрүстөн. *Кавырстанга сыйынып өтөт экен илгери.*

**КАГАЖУУ** **кагажы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГАЖЫ** 1. Кагжырап, какшып калуу, кажып калуу. 2. *өт.* Жек көрүү, көргүсү келбөө.

**КАГАЖЫТ** 1. **кагажы** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Кагуу, четтетүү, кагыпсилкүү. *Капсалаңдын суз, какаардап кагажыткан сөздөрүн угуп, Керез жалтайлады,* (Бейшеналиев).

**КАГАЗ** 1. Бетине жазууга, сүрөт тартууга, басмада колдонууга ылайыкталып, жыгачтын, ар кандай буланын ж.б. массасынан жасалган материал. *Балдар аппак ватман кагазына чертёж сызып жатышты* (Сасыкбаев). *Баракча кагазды колуна жаза кармап, Сеитова алдыга өттү* (Сыдыкбеков). *Дубай салам кат жаздым, Кагаздын бетин толтуруп* (Барпы). 2. Ушундай материалдын бетине жазылган ар кандай текст (кат, документ, кабар ж.б.). *Назаров колуна берген кагазды окуду* (Убукеев). *Кагаз берип, кат алып, Өзүң сырттан кайтып кел* («Эр Табылды»). *Колуңда кагазың болбосо, сенин айткан кебиңе ким ишенсин* («Чалкан»). *Кагаз келде тап коргоого чакырып* (Турусбеков). 2. Бир тоголок, бир пачка. *Куржундун бир көзүнөн эки кагаз чай, бир канча өрүк мейиз, кант чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

**КАГАЗ КЫЯК** Гармоника. *Акыл менен чыгарган, Кагаз кыяк карманды* (Кылыч).

**КАГАН** *тар.* 1. Орто кылымдардагы кыргыз мамлекетин башкарып келген өкүлдөрдүн титулу жана ушундай титулу бар башкаруучу.

**КАГАНАТ** Башчысы каган титулун алып жүрүүчү мамлекет.

**КАГАТ** *а. ч.* Үстүн жаап, узак убакытка сактоо үчүн топтоп жыйылган кызылча, картошка ж.б.

**КАГЕЛЕС** Арык чырай. *Өзү кагелес, кыргый көздүү, ак жүздүү кыз* (Жантөшев).

**КАГОР** Кызыл винонун бир сорту.

**КАГУУ** **как IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫЛ** 1. **как IV** этишинин туюк мамилеси. 2. Тажрыйбалуу болуу, аркы-беркинин жөнүн ажырата билүү, такшалуу. *Самсахун менен Айбадактын аркы-беркы акыл-насаатын угуп, Каныбек бир топ кагылып, бышыгып калды* (Жантөшев). *Качан да бир нерсенин бир соңу бар, Алыста көптү көрүп, эр кагылар* (Элебаев). 2. Четтетилүү, жолобой калуу. *Эпкиндүү эмгек күч алды, Жалкоолор четке кагылып* (Бөкөнбаев).

**КАГЫЛАЙЫН** Бирөөнү жакшы көргөндө, жалынып-жалбарганда же эркелеткенде колдонулат. – *Чарчаган экенсиң ээ, кагылайын кызым* (Байтемиров). – *И-и, кагылайын, жөнү бар экен* (Сасыкбаев). *О, кагылайын калың журт! Бар эле датым айтайын* («Мендирман»). *Кекебай! Кагылайын, сага эмне болду?* (Каимов).

**КАГЫЛЖЫ** Жек көрүнүү, бир нерсеге аралаша албай, четтеп калуу.

**КАГЫЛТ** **кагыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАГЫЛУУ I** **кагыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫЛУУ II** Кагылып коюлган, жерге же бир нерсеге кагылган. *Кагылуу казык. Кагылуу мык.*

**КАГЫЛЫП КЕТЕЙИН** Жалынып-жалбаруу маанисинде айтылат. *Кагылып кетейиндер, мен ит болдум, өлтүрө көрбөгүлө, мал-башым тартуу* (Саатов).

**КАГЫЛЫШ I** Уруш, чабыш, чатак. *Кагылышта кан өлөт* (макал). *Волганын жээгинде кан күйгөн катуу кагылыш күчөдү* (Бектенов).

**КАГЫЛЫШ II** 1. Бирине бири урунуу, урулуп кагышуу. *Бир аздан кийин алыстан кагылышкан ооздуктун же чач учтуктун шылдыры угулду* (Токомбаев). *Ураган эки таш кагылышып, төмөн карай зымырады* («Ала-Тоо»). 2. Урушуп калуу, чатакташуу. *Кошуналар кагылыша түшүп, ынтымагы бузулганы турат. Көргөн-билгениңди айтып, ар кимисинин жинине тие бербесеңчи* («Чалкан»).

**КАГЫЛЫШТЫР** **кагылыш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАГЫЛЫШУУ** **кагылыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫН I** Суук тийүүдөн пайда болгон өпкө оорусу, өпкөнүн сезгенип калышы. *Мага окшогон балдарды, Кагын алып жайпайбы?* («Манас» С.О.). *Кан түкүрүп какшыткан, Какырыктуу кагынды айт* (Тоголок Молдо). *Чочуба балам, кудай сактасын шордууга кагын да тийген тура* (Токомбаев).

**КАГЫН II** Кар токтобогон, карын шамал учуруп кетме от жер. *Шамалдан ыктоо күнгөйлөр, кагын каккан жерлер карарган* (Жантөшев). *Бирөө кагынга айдап өз жылкысын, Бул жуттан аман багып*

*чыккан малын* (Тоголок Молдо). *Туландуу жерге туудурбай, Кышында кагын куудурбай* («Эл адабияты»).

**КАГЫН III** 1. **как IV** этишинин өздүк мамилеси. 2. Бир нерсени жактырбай, картышы сүйбөй силкилдөө. *Кой-кой, деди, Нурбай туруп кагынды: Тирүү туруп артелинe кирбеймин* (Токомбаев). *Куру бекер кагына бербей, тынч отурсаңчы, чал* («Ала-Тоо»).

**КАГЫНГЫР** Бирөөнү (көбүнчө балдарды) каргап, наалат айтканда колдонулат. *Иттерине таш атып, каңшылатып, «Кагынгыр» дедирчү элем далай ээсин* (Турусбеков).

**КАГЫНДЫ** **кагынчык** менен бирдей.

**КАГЫНДЫР I** **кагын IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАГЫНДЫР II** **кагын IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАГЫНУУ I** **кагын III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫНУУ II** **кагын IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫНЧЫК** Ун, талкан ж.б. нерседен каптын, баштыктын түбүндө калган калдык. *Ала каптын кагынчык, Аңдыгандын жаны чык* (Тоголок Молдо).

**КАГЫП АЛУУ** Эчтемесин калтырбай алып коюу, бүт шыпырып кетүү, утуп алуу. *Акчасын кагып алды.*

**КАГЫРА** 1. Аябай как болуп кургоо. *Кагыраган куу отун. Ар кайсы жерде кагырап кургап калган үйдүн жампалары жатат* (Элебаев). 2. Суусу соолуп, суу жүрбөй калуу. *Кагыраган сайда өскөн, Каран калган атакем, Каада билбей кайда өскөн* («Эр Төштүк»). 3. *өт.* Өтө көп болуу, жайноо, сандап көрүнүү. *Калпалары кагырап, Дубаналар дабырап* (Токтогул).

**КАГЫРАМА** Кагырап кургап калган, кумдан, таштан башка эчтемеси жок. *Чөп чыкпаган кара кум, Кагырама кара таш.* («Курманбек»).

**КАГЫРАТ** **кагыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАГЫРОО** **кагыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАГЫШ I** Уруш, салгылаш. *Кагышка минер Мааникер, Карып кылып албаңыз* («Эр Төштүк»). *Кагыш болсо минүүгө, Канча тулпар байлалуу* («Манас»).

**КАГЫШ II** 1. **как IV** этишинин кош мамилеси. *Жуурканды кагышып койчу, кызым* («Ала-Тоо»). 2. Бирине-бири: кагылуу, урунушуу, сүзүшүп калуу. *Келатышат жарышып, Үзөңгүсү кагышып* («Манас»). *Кээ кезде баштарыбыз кагышып да кетет* (Байтемиров). *– Сүкө,–дедим,– бейбаш окшойт шофериң, Жай жүр дегин – машиналар кагышат* (Токомбаев). 3. *өт.* Урушуу, салгылашуу, чатакташып калуу. *Кагышарга эр таппай, Кармашарга шер таппай* («Эр Төштүк»). *«Кошуналар кагыша кетип, бири-бирине киришпей калбаса экен, ынтымак бузулбаса экен» дегенден башка менде эмне айып!* («Ала-Тоо»).

**КАГЫШТЫР** 1. **кагыш II** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Бирин-бирине урунуштуруп эбине келтирүү, эбин табуу. *Бирди бирге кагыштырып отуруп жөнүн таап кетпейсиңби* («Чалкан»).

**КАДА I** 1. *диал.* Тирөөч, түркүк. *Хандын када дарына Калбасын баштар илинип* («Эл адабияты»). *Кадаларды жолдогу, санап бара жатамын* (Үмөталиев). *Каданы келтек менен ургулап көрсөм, былк этер эмес* (Касымбеков). 2. Үйрөтүлгөн алгыр куштарды (кыргый, чүйлү, ителги ж.б.) кондуруучу туур. *Туруумтай конор кадага.*

**КАДА II** 1. Жип менен тигип бекитүү, жабыштыра тигүү. *Толгонайдын кара баркыт менен кыргактап, төбөсүнө нечен түрдүү назиктен эң кооз папиктерди кадаган келишимдүү ак калпактарын далай кишилер кийип жүрүшөт* (Абдукаримов). ‖ Кадоо салып бекитүү. *Амандык карыя төрдө бычактын мойнун кадап отурган экен* (Убукеев). 2. Киргизүү, сайып жиберүү. *Асмандан окту жаадырып, Кабыргаңа канжарды, Кадап туруп аламын* («Семетей»). 3. Чийиндин жанына келип түшкөн чүкөнү (кадамакты) атуу (ордо оюнунда). *Кадамакты кадады. 4. өт.* Бир нерседен көзүн албай кароо, кадала тиктөө, тигилүү. *Карыя мен жакка бурулуп, бозомук, нурсуз көзүн мага кадады* («Ала-Тоо»). *Эмне эле кечке кадайт көздөрүн?* (Байтемиров).

**КАДАК** 409,5 граммга барабар болгон салмак өлчөмү. *Үч кадак зыгыр май, бирден акшак, картошка, пияз берет* (Абдукаримов). *Муслимахун белиндеги оромолун чечип, үстүнө төрт нан жана эки кадак жүзүмдү койду* (Жантөшев). *Бир күнү кечинде, бир кадак өрүк, туздаган үч бадыраң, бир бөлкө көтөрүп, Николай келди* («Ала-Тоо»). *Үч кадак жем бериптир.* («Манас» С.О.).

**КАДАКТА** Кадак менен өлчөө, ченөө, нерсенин өлчөмүн алуу. *Анча-мынча тыйын-тыпыры бар, кишилер жүгөрүнү сүткорлордон кадактап, пайсалап сатып алууга гана кубаттары жетишет* (Абдукаримов). *Жебе дебейм этиңди, Жей бер он беш кадактан* (Осмонов).

**КАДАКТАТ** **кадакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАДАКТОО** **кадакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДАКЧЫ I** Кадак тартып өлчөө, же кадактап бир нерсе сатуу ишин аткарган адам. *Хайтахун атасынын кадакчы болуп иштеп жатканын айтты* (Абдукаримов).

**КАДАКЧЫ II** Кадоо салып бекитүү, бир нерсени кадоо ишин аткаруучу. *Кадакчы менен желимчи, Куюшкан, жүгөн өрүшчү* («Кедейкан»).

**КАДАЛ** 1. **када** этишинин туюк мамилеси. *Кадалган топчу.* 2. Бир нерсеге тигилип кароо, үңүлүп тиктөө, көзүн айырбоо. *Зарылдын капкара көздөрү бир нокотко кадалат* (Сыдыкбеков). *Эмне болсо да, бир кубаныч ойногон кызынын жүзүн кадалып карай берди* (Байтемиров). 3. Жанынан чыкпоо, бучкактап жүрүү, жабышуу, асылып алуу. *Кайтарат солдат кадалып, Албайт менин тилимди* (Токтогул). *Каарданып шордуура, Кастарын тигип кадалды* (Тоголок Молдо).

**КАДАЛАН** 1. Тигиле кароо, теше тиктөө. *Офицер аны көрө башын чайкап, Чочуду кадаланып түрүн байкап* (Токомбаев). *Кадаландым карыянын жүзүнө, Мурдакыдан жашаргандай байкалат* (Токомбаев). 2. Кайра-кайра такуу, такып суроо, кандайдыр бир иш боюнча кайрылып, асыла берүү. *Кайда болот турагың? Айтып кетсең экен деп, Кадаланып сурадым* («Манас»). *Күч толуп, алганыңча канат жайып, Сурадың атаң жайын кадаланып* (Маликов).

**КАДАЛАНТ** **кадалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАДАЛАНУУ** **кадалан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДАЛТ** **кадал** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАДАЛУУ** **кадал** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДАМ** 1. Буттун ар бир шилтеминин аралыгы, арыш, аттам. *Алымкандын ар кадамын көз ирмебей тиктеп тура берди* (Бөкөнбаев). *Таабалды босогодон ары эки кадам шилтеп токтоду* (Бектенов). 2. Арышты керүү, кадамдоо аркылуу өлчөнгөн узундук же аралык чен. *Тамдын узун-туурасы – кырк кадам. Эшикке чейин эки кадам болсо, Сакадайга эки күнчүлүк жолдой көрүндү* (Жантөшев). 3. Алга карай умтулгандык, илгерилеген жылыш. *Жаңыдан кадам басып келе жаткан, улуттун басма сөзү, гезити болот* («Эркин-Тоо»). *Пахтаны механизацияланган түрдө иштетүү ири кадам* («Коммунист»).

**КАДАМ КОЮУ** Бир жаштан экинчи жашка өтүү, толгон жашынан кийинки жашты карай бет алуу, кароо. *Төрткө жашы толду эле, Беш жашка кадам койду эле* («Эр Табылды»). *Быйыл он сегизге кадам койдук* (Абдыраманов).

**КАДАМА** Эпостук чыгармаларда: жоокерчиликте кийүүчү соот, чопкут. *Ок өтпөгөн кадама, Кийишкени калган го* («Манас»).

**КАДАМАК** Ордо оюнундагы айланта сызылган чийиндин жанына келип түшкөн чүкө. *Кадамакты кадашып, оюн салып жатканда. Тоорумакты тооруп атканда, Ичке түштү зор Манас* («Манас»).

**КАДАМАКЧЫ** Кадамак кадап ичке түшүүгө маш болгон, кадамакты жакшы ата билген ордо оюнчусу.

**КАДАМАЛ** Кадоо салынган, кадап бекитилген. *Кадамал казан.*

**КАДАМДА** 1. Кадам шилтөө, арыштоо. *Ашим Ашимович кадамдай баштады эле, мен артынан ээрчип алдым* («Ала-Тоо»). 2. Кадам шилтөө, арыштоо аркылуу аралыктын, узундуктун ж.б. ченин алуу, ченөө. *Үйдүн айланасын кадамдап чыгып, ченин алмакчы болду* («Ала-Тоо»). *Арыктын узундугун кадамдап өлчөмөк болдук* («Ала-Тоо»).

**КАДАМДАТ** **кадамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАДАМДОО** **кадамда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДАМЫ УЗАРУУ** Ийгиликке жетишүү, зоболосу көтөрүлүп иш жагынан жогорулоо. *Жакшылыкка бет алган, Узарат жаштын кадамы* (Токтогул).

**КАДАН** **када** этишинин өздүк мамилеси.

**КАДАСТР** *экон.* 1. Объектилердин бааланышы жана орточо кирешелүүлүгү жөнүндө маалымат берүүчү тизме. 2. Жан башына салык салынуучу адамдардын тизмеси. 3. Тигил же бул кубулуштар, ресурстар жөнүндө негизги маалыматтардын иретке келтирилген жыйнагы. *Шамал кадастры, суу кадастры, жер кадастры, күн кадастры.*

**КАДАТ** **када** этишинин аркылуу мамилеси. *Топчу кадат.*

**КАДЕК** *эск.* Жибек кездеменин бир түрү. *Ичи кадек, тышы боз, Тышы торгун атилес* («Манас»).

**КАДЕКТЕ** Кадек деген кездеме менен ороо. *Кадектеп бутун таңды эми* («Эр Табылды»).

**КАДЕМИ КАТУУ** Кордук көрүү, иши оңунан чыкпай абалы начарлоо, азапка түшүп муңкүрөө, оор абалда калуу. *Катыларга катылбай, Кадемим мындай катабы ай!* («Манас»). *Каңгайдан калың жоо келсе, Кадеми катат дечү элең* («Манас»). *Кадеми катып момундар, Качан жетет тынымга* (Тоголок Молдо). *Кайран элдин кадемин так катырып, Кайырчыдай чет өлкөнү каратты* (Өмүрканов).

**КАДЕТ I** Падышалык Россияда – согуштук орто окуу жайынын – кадеттик корпустун окуучусу.

**КАДЕТ II** *тар.* Россиядагы империалисттик буржуазиянын 1905-жылы уюшулуп, конституциялык-демократиялык деп аталган, 1917-жылдан тарта контрреволюциялык кыймылды баштап келген партиянын мүчөсү.

**КАДЕТТИК** **кадет** дегенге таандык. *Кадеттик мундир.*

**КАДЕТТИК КОРПУС** Революцияга чейинки Россиядагы дворяндардын балдарын офицердик кызматка даярдай турган аскердик орто билим берүүчү атайын окуу жайы.

**КАДИК I** 1. Алдамчы, митаам. 2. *өт.* Шек, күмөн, чочулаган. *Абалап учкан зар эле, Көөкүмдө кадик бар эле* («Эл адабияты»). *Булар урушканбы деген кадик менен карады* (Каимов). *Кадик кылып турамын Кайта баштап сурадым* (Токтогул).

**КАДИК II** Адистиги артык, машыккан, такшалган, маш болгон. *Ошентип, кадик мерген ак асканын аркарын атып алып, тоого түнөп калат* (Сыдыкбеков). *Бул жолду мындан мурда нечен ирет басып өтүп, кадик болгон аргымак аттар жулкуна, чүчкүрө таскактоодо* (Баялинов).

**КАДИКСИЗ I** Адис, маш, мыкты. *Карчыга деген кушу бар, Кадиксиз мерген ушу бар* (Тоголок Молдо). *Калың калмак элдерим, Кадиксиз адис мергеним* («Курманбек»).

**КАДИКСИЗ II** Шексиз, күмөнсүз, анык, кадиктенүүгө болбой турган. *Кадиксиз билем башынан, Кайратынын ырасын* («Курманбек»). *Чолок болорум эми кадиксиз экенин өзүм да түшүнөм* («Ала-Тоо»).

**КАДИКТЕН** Шектенүү, шек саноо, күмөн болуу, аныгына көзү жетпөө. *Алимандын эти-башы ооруп калдыбы деп, кадиктенип жанынан карыш чыкпай жүрдүм* (Айтматов). *Айылдагы бузукулардын ниети оңолоюн деп калды деген сөзгө кадиктенип, жакшы ишенбей да жүрдүм* («Ала-Тоо»).

**КАДИКТЕНҮҮ** **кадиктен** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДИКТҮҮ I** Атанган, адистиги ашынган, машыккан. *Кадиктүү баатыр Канчоро, Бурулуп жолго салды эми* («Семетей»). *Агарган көбүк оргуса, Кадиктүү тулпар Чалкуйрук, Казанды сүйрөп келгени* («Эр Төштүк»).

**КАДИКТҮҮ II** 1. Кадик кыла тургандай, ишеничтүү эмес, күмөндүү, шектүү. *Чоно жон-жондун башында аңдып жүргөн чыгар деп ойлоп, Мырсалы өзүнө кадиктүү жонго чыгып, асты жагыңа көз жиберди* (Каимов). *Капилет жатып түш көрдүм, Кадиктүү жаман иш көрдүм* («Курманбек»). 2. Коркунучтуу, кооптуу, ишенимсиз. *Кадиктүү күмөн болбосо, Кароолдун эмне кереги* («Эл адабияты»).

**КАДИМ** Куду өзүндөй, өзүнө нак окшошкон, окшоштугу бар. *Муунчактары да, өзөгү да, көгү да кадим арпадай көрүнгөн* (Сыдыкбеков). *Косеги кадим анардай, Койнунан жибек чубалган* (Осмонкул). *Кошулган жерин карасаң, Кузгундайт кадим Нарындай* (Маликов).

**КАДИМДЕН** Илгертен, эзелден, баштатан. *Кадимден берки сыр найза, Карыга баатыр илгени* («Манас»). *Калыңга кабат мол алып Кадимден бери көнгөн бай* (Тоголок Молдо).

**КАДИМИ** 1. Эски, эчакки, байыркы. 2. *өт.* Баягы, так эле. *Бул дүрбү кадимки күчтүү дүрбү* (Айтматов).

**КАДИМКИ** Дал өзүндөй, көрүп-билип жүргөндөн эч айырмасы жок, кадыресе, мурдатан маалым. *Бул ыр кадимки Каныбек баатырдын ыры* (Жантөшев). *Татыбек ушул күндөрдө кадимки беш жыл мындан мурда өткөн түрүнө келди* (Байтемиров). *Кийинген соң үстү-башымды карасам кадимки эле кызыл гвардеецтердин өзүмүн* («Ала-Тоо»).

**КАДИМКИДЕЙ** 1. Мурдагыдай, болуп жүргөндөй, боло жүргөн абалындай. *Капаланды Курманбек, Кадимкидей жайы жок* («Курманбек»). *Кубаты мыкты толсун деп, Кадимкидей болсун деп* («Эр Табылды»). *Жарым автоматтык станоктуу цех кадимкидей таза, эч кандай жыт жок* («Кыргызстан аялдары»). 2. Нак өзүндөй, ачык, даана. *Жумшак орунда чалкалап олтурган академик Аскарга кадимкидей көрүнөт* (Сыдыкбеков).

**КАДИРЕСЕ** *туурасы:* **кадыресе.**

**КАДМИЙ** Цинк рудаларынын составында болуучу күмүш түстөгү жумшак ак металл, химиялык элемент.

**КАДОО I** 1. Мал байлаш үчүн жасалган жоон жыгач казык. 2. Бөрктүү чоң мык. *Огунун жоону кадоодой* («Манас» С.О.). 3. *диал.* Шыргый, түз бутак. *Сом туягы чарадай, Кашка тиши кадоодой* («Семетей»).

**КАДОО II** Сынган, жарылган, жарака кеткен же сыртынан капталган нерселердин бөлүктөрүн улоо, жарыгын же капталган катмарын эп келиштирип кадаш, бекитиш үчүн эки жагынан бөрктөлүп урулган мык же башка металл. *Кадоосу бар казан. Кадоо салынган кетмен.*

**КАДОО III** **када II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДОО БАШ** *диал.* Мык жасай турган бир жагы тешик учтуу курал.

**КАДООЛУУ** Кадоо салып бекитилген, кадоолору бар, кадоо салынган.

**КАДР I** 1. Киноплёнканын же фотоплёнканын өзүнчө тартылган айрым сүрөтү. 2. Кинофильмдин бир сценасы же айрым бир эпизоду.

**КАДР II** 1. Белгилүү, бир өндүрүштүн, мекеменин, партиялык же профсоюздук уюмдун даярдалган негизги кызматкерлеринин составы. *Өндүрүштүн чечүүчү күчү болуп кадрлар саналат. Бул мектеп келечектин кадрларын даярдоонун негизги бир очогу.* 2. Тынчтык мезгилиндеги демобилизация учурунда да бошотулбаган аскер бөлүктөрүнүн туруктуу составы.

**КАДРИЛЬ** Алты киши бири-бирине жупташып карама-каршы туруп бийлей турган бий жана ошол бийге арнап жазылган музыка.

**КАДРЛАР БӨЛҮМҮ** Мекемелердеги кадрларды ишке алуу, бошотуу ж.б. жагын тейлөөчү атайын бөлүм.

**КАДУУ I** Тоонун боору, капталы. *Батийна коктуну өрдөп, белди ашып, кадууну*

*арта токтолбой жүрүп отурду* (Сыдыкбеков). *Ак койлор кадууда жайылып жатат* (Жантөшев).

**КАДУУ II кады** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДУУЛА** Кадуу менен жүрүү, каптал-доо, эңиштөө. *Жүрүш дагы башталды. Эми өйдө чыгыш жок. Мындан ары каптал менен кадуулап гана жүрүү керек* (Таштемиров). *Кадуулап ашар бел таппай, Каралды кылар шер таппай* («Сейтек»).

**КАДУУЛАТ кадуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАДУУЛОО кадуула** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДЫ кадуула** менен бирдей. *Сары-Булак жактан токойлоп кадып, Сокмок жол келчү айылды жарып* (Абдыраманов).

**КАДЫМ кадик** менен бирдей. *Кадым мерген аны көзү чалар замат тааныды* (Сыдыкбеков).

**КАДЫР I** Урматтоого, сыйлоого татыктуу маани, ардак, барк, бедел. *Кадырымды билүүчү, Карыя, кемпир чалдан айт* (Тоголок Молдо). *Калктын болбойт кадыры, Кайраттуу киши жок болсо* («Олжобай менен Кишимжан»). *Эр кадырын эл билет* (макал). *Калкынан азган пенденин, Кадырын билер киши жок* (Казыбек).

**КАДЫР II** Алданын эпитет ысымдарынын бири. Адатта. «Алда» менен кошо айтылып, мыкты сапаттарынын бирин – кудуреттүү, күчтүүлүгүн туюнтат. *Кадыр алда буюрса* («Манас» С.О.). *Жараткан Кадыр Алдага* («Манас» С.О.).

**КАДЫР АК** Күчтүү кудай, бары колунан келген теңир. *Кадыр актын өкүмү.*

**КАДЫР АЛДА КУДУРЕТ** Өзү эрктүү теңир. *Кадыр алда кудурет, Пендесин жасайт экен ар кандай!* («Манас»).

**КАДЫР АЛЛА** Кубаттуу, күчтүү кудай, алда. *Кадыр алла кечирсин.*

**КАДЫР ТҮН** Диний ишеним боюнча: орозо айынын 27-күнү өтүүчү касиеттүү түн. *Кадыр түн тоскондой, эки үйдөн тең от чыгат* (Жантөшев). *Эл кутуруп оолугуп, Агалары Төштүктүн, Кадыр түнгө жолугуп* («Эр Төштүк»). *Журтум кадыр түн чалар түн барбы* («Манас» С. К.). *Бейшембинин күнүндө Жуманын кадыр түнүндө* («Манас»).

**КАДЫР ШАРТ** 1. Ишенимдүү муруттарына эшен тарабынан берилген күбөлүк кагаз. Ошол кагаз боюнча ал мурут (мурид) бир айылга барып сопу болуп, мечитте кызмат кылган. 2. Жолдомо кагаз, күбөлүк кат, диплом. *Колуна берип кадыр шарт, Эшен – сопу кылганды, Ошентип селдеси келбейт эбине* (Токтогул).

**КАДЫРДА кадырла** менен бирдей.

**КАДЫРДАН** *диал.* Кадырман, кадырлаш. *Алар экөө бирин-бири кыса кучактап кадимки кадырдан досторчо учурашты* (Абдукаримов). *Көңүл үзбөй бир жүрчү, Кадырданым болбодуң* (Барпы).

**КАДЫРДАШ кадырлаш** менен бирдей

**КАДЫРДУУ кадырлуу** менен бирдей.

**КАДЫРЕСЕ** Кадимки, боло жүргөндөгүдөй, нак өзүндөй. *Динар кадыресе токтоо сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Керимахундун күлкүсү – кадыресе күлкү эмес экендиги байкалып турат* (Жантөшев). *Жамал кадыресе кагылган кишиче сүйлөдү* (Жантөшев). *Кыздар кадыресе чычалап, биз менен урушууга чейин барчу* (Каимов).

**КАДЫРКЕЧ** Асылкеч, кадырман, ардактуу. *Кадыркеч Кишим таежем, Калбадың чыгып эсимден* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кайра көрбөйт экемин Кадыркеч курдаш теңимди?* (Токтогул).

**КАДЫРЛА** Кадырын, баркын билип урматтоо, ардактоо, сыйлоо. *Валерийди достору кадырлай турган болду* (Сасыкбаев). *Жаштары кадырлап, карылары жалынып турчу болду* (Жантөшев). *Эгин бермек биздин урмат, биздин бак, Сыйлоо керек ата-журтту кадырлап* (Осмонов).

**КАДЫРЛАШ I** Бирин-бири кадырлашкан, кадырын билишкен, сыйлашкан. *Кайрылбай кетчү жаштыкты, Кадырлаш мендей эстетер* (Маликов). *Кадырлашың Чачыкей Жарың аман жатыптыр* («Эр Табылды»). *Кадырлаш досторду эстеп, канча капа болуп жүрдүм* («Ала-Тоо»).

**КАДЫРЛАШ II** Бирин-бири сыйлашуу, кадырын билишүү. *Экөөң бири-бириңди кадырлашып, ынтымактуу жашагыла, балдар* («Ала-Тоо»).

**КАДЫРЛОО кадырла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАДЫРЛУУ** Кадыры бар, кадыр-барктуу, урматтуу, ардактуу. *Айылдаштарына Мамбеткул али да кадырлуу* (Каимов). *Сиз бүгүн эч кайда барбастан, менин үйүмдө кадырлуу мейман болосуз* (Жантөшев). *Кадырлуу кезде дууладың, Кара сабаа кучактап* (Казыбек).

**КАДЫРМАН** Кадырлуу, кадыры бар. *Айылдагы кадырман аксакалдардын акылнасаат сөздөрү болбосо, кеп аз сүйлөнду* («Ала-Тоо»). *Кайрылып келип турамын, Кадырман журтум, аманбы?* (Токтогул). *Сайра өз айлына кадырман келин* (Сыдыкбеков).

**КАДЫРЫ КАЛУУ** Көңүлү калуу, шагы сынуу. *Бир жолу сурансам кадырымды калтырып, айтканымды орундатпады. Кадыр калтыраар катуу сөз уккандан кудай сактасын.*

**КАДЫРЫ СЫНУУ** Баркы кетүү, абрoю тепселүү. *Бирок, Момундун башкаларда жок артыкчылыгы бар, эл көзүнө кадырым сынат деп коркпогону* (Айтматов).

**КАДЫРЫ ШАМДАЙ ЖАНУУ** Баркы көтөрүлүү, атак-даңкка, урматка ээ болуу. *Ка-*

*дыры шамдай жанбайбы, Калкынын карзын актаса* (Бөкөнбаев).

**КАДЫРЫН САЛУУ** Өзүнүн абалын, аброюн, беделин пайдалануу. *Улукбек мырза, сага кадыр салып келип турам, мени бир ажаттан чыгар* (Жигитов). *Ал бир убакта бийдин ырчысы болуп жүрүп, хан күйөөгө жагып калып, кадырын салып сурап алган* (Көчкөнов). *Көрсө, мындай болуптур: ал жоргону аяндардын бийи биздин агабыздан кадырын салып сурайт* («Ала-Тоо»).

**КАДЫРЫҢ ЖАН БОЛСУН** Эч кам санабагын, ордунда болот, сөзсүз болууга тийиш деген мааниде колдонулат. *Сенин кадырың жан болсун, көп эле кабатыр боло бербе* (Абдукаримов). *А жагынан кадырыңыз жан болсун, Арзыкул аман турса иш жайында болот* (Байтемиров). – *Кадырың жан болсун! Кежигемден мууздасаң да андай иттикке бара албайм акежан* (Осмоналиев).

**КАЕР** Кайсы жер. *Уулуң каерде иштеп жатат?* («Чалкан»).

**КАЕРЛИК** Кайсы жерлик. *Деги өзүң каерликсиң?* (Абдукаримов).

**КАЖА** 1. Кемирүү, мүлжүү. *Эчки кажап жок кылбасын, Чырпыктарды коругун* (Бөкөнбаев). *Кербенчилер кармаса, Кээ бирөөсүн Тайбуурул Тиштеп, кажап, ыргытып* («Сейтек»). *Жулкунган арабада эки качыр, Ооздугун кажап келет бачыр-бачыр* (Токомбаев). 2. Катуу нерсе өйкөп салуу, сүрүп жоорутуу. *Газимдин кош колунда темир чынжыр, Буттарын кажап жатты кишен кысып* (Токомбаев). 3. *өт.* Жемеге алуу, тилдөө, какмалоо. *Каяша айткан адамдын, канчасын мүлжүп кажаган* (Тоголок Молдо). *Карсылдашып кагышып, кажабай кайрат табышып* («Манас»).

**КАЖАГАЙ** 1. Жалтандап башын буруп турма; жалтак (мис. жылкы). *Кажагай кылып үйрөтүлгөн кунан.* 2. Жүрөгү калган, жалакайланып, кыйынчылыктан же иштен качып турма. *Көп жумшай берип, баланы кажагай кылып койгон экенсиң* («Ала-Тоо»). *Иштен кажагай тартып калган тура* («Чалкан»).

**КАЖАГАЙЛА** 1. Жалтаң тартып, кажагай боло баштоо (мис. жылкы). 2. Көңүлсүздөнүп туруу, кажагайлык кылып качып калуу, жалакай тартуу. *Өз ишиңе кажагайланасың, балам, деги сен кимди жыргатасың* («Ала-Тоо»). *Милдеттүү ишке кажагайланып турушуң болобу* («Ала-Тоо»).

**КАЖАГАЙЛАТ кажагайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЖАГАЙЛОО кажагайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖАЛ кажа** этишинин туюк мамилеси.

**КАЖАЛА** 1. Анча-мынча эти бар сөөктү мүлжүмүш этүү. *Колундагы жиликти кажалап коюп отурган эле* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөнү жемеге алуу, тилдөө. *Бейшенин кылган иштерин жактырбастан, Кудайназар аны кажалай баштады* («Ала-Тоо»).

**КАЖАЛОО кажала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖАН** 1. Сөгүнүү, какшануу, бирөөнү жемеге алып какмалай берүү, кажап жиберүү. *Карыгыча кажанганыңды койбодуң го!* («Ала-Тоо»). 2. Жан аябай эмгектенүү, түйшүк тартуу, тыным албай иштөө. *Кечке эле, кажана бербей, эс алсаң боло* («Ала-Тоо»). *Картайганча кажанып, Кайрат менен мал таптың* (Токтогул)

**КАЖАҢ** Богооз, орой сөз. *Кажаң кара сөздөрдү, Камырдай жууруп жиберген.* (Арстанбек).

**КАЖАҢДА** Кажаң-кажаң этүү, кажылдап тескериленүү, тил албай кежирленүү. *Бригадирдин айткандарын укпай, кажаңдай бермейиң бар экен, аныңды койбойсуңбу?* («Ала-Тоо»).

**КАЖАҢДАТ кажаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЖАҢДОО кажаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖАҢ-КАЖАҢ ЭТҮҮ** Тил албай кежирленип айтыша берүү, ажылдап тескери сүйлөө.

**КАЖАР** Ал, күч, дем, кайрат. *Балдарыңдын жашын билбей, Эс-акылдан таныпсың. Кайда сенин кажар, күчүң, Аштан дагы калыпсың* (Токомбаев).

**КАЖАРИЙ СОГУУ** 1. XVIII кылымдын аягында персияда түзүлгөн династия. 2. Кажарийлердин соккон таарлары, ошол ыкмада иштелген башка нерселер, буюмдар *Босогоң терме кажарий, Адамдын көзүн талдырган* (Эл ыры).

**КАЖАРЛАН** Кайрат, күч менен, болгон ынтаасы менен аракеттенүү, иш жасоо. *Талаада кабыргасын каркайтып кажарлана иштеп жаткан колхозчулар* («Эркин тоо»).

**КАЖАРЛУУ** Алдуу, күчтүү, албеттүү, кайраттуу. *Кыдын карыя канча кылса да кажарлуу эмеспи, карыганына карабастан, кетмен менен чакага ылай салып берип жатат* (Байтемиров). *Кажарлуу жаштар келечекте чоң күч.*

**КАЖАРЫ** 1. Өрмөкчүлүктүн бир ыкмасы. *Кажары согуп түр кылдың, Кармаган үйүң гүл кылдың* (Жеңижок). 2. Сайма, оюмчийим. *Боёгун жакшы кандырган, Боосу терме кажары Адамдын көзүн талдырган* (Тоголок Молдо).

**КАЖАТ I кажа** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЖАТ II** Зарылдык, керек экендик, зарылдыгы бар болгондук. *Аларга мындай, тигиндей деп ашык сөз сүйлөөнүн эч кажаты жок* (Сасыкбаев). *Раис, аны ойлоп олтуруунун кажаты жок* (Байтемиров). *Азыр аларды кайталап, санаштын эч кажаты жок* (Сыдыкбеков).

**КАЖАТСЫЗ** Кажаты жок, керексиз.

**КАЖАШ** 1. **кажа** этишинин кош мамилеси. 2. Бири-бири менен жаман-жакшы айтышып урушуу, кайым айтышуу, чырлашуу. *Келгениме эки ай боло элек жатып Карымшаков менен кажашып алдым* («Ала-Тоо»).

**КАЖЕТ кажат II** менен бирдей.

**КАЖУУ кажы I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖЫ I** 1. Эби-сынынан тайып, мурдагысындай болбой калуу, эби кетип, кагжырап калуу. *Тыным алдырбай кирип-чыгып жүргөн адамдардан эшиктердин каалгалары бат эле кажып кетти* (Убукеев). *Ошол учурда каалганын кажып калган туруму «кыыйк!» этип сала бербедиби* (Касымбеков). 2. Талыгуу, начарлоо, алы кетип, чарчап-чаалыгуу. *Эчендер өтүп кажыган, Эчендер өтүп башынан* (Турусбеков). *Кабыл тынымсыз түйшүктөн кажып, зеригип жүрөт* (Элебаев). *Кайрып таптоо жетишсе, Кажыбай мен да чуркармын!* (Жантөшев).

**КАЖЫ II кажа** менен бирдей. *Ач иттердей талашып, Сөөгүмдү кажып, жаткыла!* (Үмөталиев). *Обу жок кажый берүүнүн пайдасы барбы?* (Байтемиров).

**КАЖЫ III: кажы-кужу, кажы-кажы** Бири-биринин сөздөрүн укпаган, кажылдаган дабыш, туш-туштан тартипсиз сүйлөнгөн сөздөр. *Адамдар кажы-кужу сүйлөшүп, ырларды ырдашты* (Сасыкбаев). *Бир оокумда дагы кажы-кужу үн чыгат* (Байтемиров).

**КАЖЫБАС** Чаалыкпас, кебелбеген чыдамдуу, кайраттуу. *Чүкөбай Зууранын кажыбас кайратына, акыл-эсине ишенди* (Баялинов). *Сартбаев кажыбас эмгеги менен жалпы элдин урматтоосуна татыктуу болду* («Коммунист»). *Кажыбастан жоо сайган, Эрдигиңди сүйгөмүн* (Нуркамал).

**КАЖЫБАСТЫК** Кайраттуулук, талыкпастык, күч-кубатынан тайбагандык. *Масса менен иштөөдө чыдамкайлык, туруктуулук, кажыбастык керек* (Жантөшев). *Башында тургандырсың турмуш ээси, Ак жүзүң кажыбастык сырын сактап* (Турусбеков).

**КАЖЫГЫР** Начар, чабал, алсыз. *Кажыгыр күйөө кайынсаак, төлүгүр катын төркүнсөөк* (макал).

**КАЖЫЛА кажала** менен бирдей.

**КАЖЫЛДА** Кажы-кужу этүү, бажылдоо, кажы-кужу этип урушуу, айтышуу. *Отургандар биринин сөзүн бири укпай кажылдай баштады* («Чалкан»). *Кажылдап абийиримди кетиреби деп, ооз ачпай кете бердим* («Ала-Тоо»).

**КАЖЫЛДАК** Кажылдап уруша берген, көп сүйлөгөн, жаагын жанган.

**КАЖЫЛДАТ кажылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЖЫЛДАШ** Бири-бири менен кажылдап айтышуу, өйдө-төмөн дешип чырлашуу, тартышуу, ажылдашуу.

**КАЖЫЛДОО кажылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖЫЛОО кажыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЖЫН кажан** менен бирдей.

**КАЖЫР** (ак кажыр) Жору түркүмүнө кирүүчү жырткыч куш. *Бул кымыздын ичинде үч тамчы ак кажырдын өтү бар* (Жантөшев). *Ак кажыр кончу зоолорду, Алдыңар элим талкалап* (Токомбаев). *Таскара, кажыр зор болгон, Тырмагы жоктон бечара, Канаттуудан ала албайт, Ушул жагынан кор болгон* (Барпы).

**КАЖЫТ кажат** менен бирдей.

**КАЗ I** Мойну узун, тумшугу жалпак келген сууда сүзүүчү жапайы жана үй кушу. *Каркылдап каздар көл сактайт, Кара ылаачын чөл сактайт* (Токтогул). *Боз куштан суу куш аз келди, Өрдөк, чүрөк, каз келди* (Тоголок Молдо).

**КАЗ II** 1. Кетмен, күрөк ж.б. куралдар менен жерди чукуу, чуңкур, кылуу, чуңкурайтуу, көөлөө. *Жер каз. Ороо каз. Чуңкур каз. Көр каз.* 2. Жерден бир нерсени чукуп же аңтарып алып чыгуу, алууга ылайыктап козгоо, бошотуу. *Кызылча каз. Картошка каз. Дүмүр каз.* ‖ Арык, канал, траншея ж.б. жасоо, куруу. *Арык казган жумушчулар. Канал казып жүргөн колхозчулар.* 3. Көмүрдү же башка кен байлыктарын жер алдынан алуу, алып чыгаруу. *Көмүр каз. Кен каз. Алтын каз.* 4. *өт.* Кандайдыр бир иштин үстүндө талыкпай эмгектенүү, изденүү, үйрөнүү. *Миңдей жаштар билим казат, Мээси толгон ой болуп* (Токомбаев). *Айланайын өсөт чалгын канатың, Сен инженер билим кенин казасың* (Турусбеков).

**КАЗ ЖОЛУ** Жылдыздардын түнкүсүн бири-бирине туташып, узун тилкелүү аппак шоола болуп көрүнгөн тобу.

**КАЗ-КАЗ** Каз турууга жарап келаткан жаш баланы өз алдынча, турууга үйрөтүү, тургузуу учурунда айтылат.

**КАЗ КАНАТТАП ТУРУУ** Көп болуп жарданып туруу, катар-катар, кыркалекей болуп туруу. *Каз канаттап турган жортуулчуларды көздөй жөнөдү* (Жантөшев). **В.: Каз канат болуп туруу.** *Эл каз канат болуп турду.* **Каз катар тизилүү.** *Директор каз катар тизилип олтурушкан мугалимдерди бир сыйра карап өттү* («Чалкан»). **Каз катар болуу.** *Акия баштаган бир кылка келиндер каз катар болушуп, жарыша күрөк сайышса, кызгалдактай көз уялат* (Сыдыкбеков). *Көчүрүп келип айылды, Каз катар болуп конуп ал* («Эр Табылды»).

**КАЗ ТАМАН** 1. Топтошуп чыккан жазы жалбырактуу чөп өсүмдүгү. 2. Каздын тама-

нына окшогон оюунун бир түрү. 3. Каз таман трактор.

**КАЗ ТУРУУ** Жаңыдан тура баштоо, өз алдынча туруууга үйрөнүү (жаш балдарга карата). *Кызыбыз каз туруп калды. Анда Гүлай каз туруп жүргөн, маалына жете элек кези* («Кыргызстан пионери»). **В.: Каз-каз туруу.** *Таякемдин небереси март айынын башында каз-каз туруп калган болчу* («Ала-Тоо»).

**КАЗ ЭЛЕЧЕК** Койкойто жакшы оролгон элечек, апакай элечек маанисинде колдонулуп келүүдө. *Калем тарткан сыядай, Кашыңды бир пас ырдайын. Каза жоолук жарашкан, Башыңды бир пас ырдайын* (Кыргыз ырлары). *Каз элечек кийген келиндер, кундуз кийген, шөкүлө кийген кыздар жаш талдай буралып, жайнап чыга келди* («САЖИ»). *Каз элечек мен элем, Кармаган эрим сен элең* (Тоголок Молдо).

**КАЗА I** Калдайган, калдайта оролгон. *Каза элечек. Башына чалып ак мата, Чекчейтип каза селдени* (Токтогул).

**КАЗА II** Өлүм, ажал жетип, дүйнөдөн кайтыш. *Жолдошторум жолдо каза болушту* (Баялинов). *Атаң кечээ болуп өткөн согушта каза тапты* (Сыдыкбеков). *Жан бар жерде каза бар* (макал).

**КАЗА ЖЕТҮҮ** *к.* **каза болуу.**

**КАЗА ТАБУУ** 1. Кайтыш болуу, өлүм болуу. *Каза таап, окко учуп* («Манас» С.К.).

**КАЗААТ** *туурасы:* **казат.**

**КАЗАК КАЙЫҢ СААГАНДА** «Казак кайың сааганда, Кыргыз Ысар киргенде» – деген лакап сөз 17-кылымдарда жунгарлар (калмактар) кыргыз жерине чабуул коюп, элди бүлүндүрүп, малын-башын талаганда келип чыккан. *Казакка кайың саадырып, Кыргызды Кызарга тентиткен илгери бир алаамат болгон экен. Кыязы ошол чоң алаамат быйыл кайталады белем, – дешет* (Убукеев).

**КАЗАКТАР I** *ж. с.* казак. 1. Крепостной дыйкандардан, шаардык кедейлерден, жакырлардан 15–17-кылымдарда Русь мамлекетинин чет жактарына (Дон, Яик, Запорожье жактарга) качып барып орношуп калган эркин согуштук-дыйкандык уюму. *Запорожьелик казактар.* 2. Революцияга чейинки Россиядагы согуштук сословиенин өкүлдөрү, булар жер-суу налогдорунан жеңилдик алгандыгы үчүн аскерге чакырылууга милдеттүү болгон; ушундай сословие жайгашкан областтарда (Кубань, Оренбург, Дон ж.б.) жашаган адамдар. *Дондук казактар. Казак орустар.* 3. Казак орустар жайгашып келген областтардын жергиликтүү өкүлдөрү.

**КАЗАКТАР II** Казакстан Республикасынын негизги калкын түзгөн эл. *Окуп жүргөндө далай казак жолдошторум бар эле* (Шимеев).

**КАЗАЛ** 1. Лирикалык мазмундагы ыр. *Казал айтам калкыма, Кара таман жалпыңа* (Тоголок Молдо). *Калем алып жазайын, Казалдын кенин ачайын* (Осмонкул). *Уккан жайың жок беле, Ашыктык жөнү ушул деп Илгерки жомок, казалдан* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Төңкөрүшкө чейинки жазгыч акындардын чыгармаларынын аттары. *Кыргыз казалынын эң бийик үлгүлөрүн Молдо Кылыч жараткан. Бул акындын «Чүй баяны», «Канаттуулар», «Бүркүттүн тоюу», «Буудайык», «Зар заман» деген чыгармаларын топтоп жарыкка чыгарган Т. Саманчин аларды «Иргелген казалдар» деп аныктаган* (Асаналиев). 3. *эск.* Диндик мазмунда жазылган поэма.

**КАЗАЛА** Торгой. *Көк чөптөрдөн шуудурум кулап, Казала ырдап, күү чертти булак* (Байзаков).

**КАЗАМБАК** *туурасы:* **казанбак.**

**КАЗАН I** 1. Металлдан (көбүнчө чоюндан) тамак бышырууга ылайыкталып жасалган, көлөмү ар кандай, ооз, жагы тегерек келген идиш. *Казанга жакын жүрсө, көөсү жугат* (макал). *Беш кемегеге беш казан асылып, чүйгүндөлүп салынган эт боркулдап кайнай баштады* (Жантөшев). *Торсойгон кичинекей казанга Батыш жарма жасады* (Байтемиров). 2. Суу кайнатып, буусун түтүк аркылуу алып туруууга ылайыкталган туюк бак сыяктуу жасалга. *Буу казаны.*

**КАЗАН II** 1. Күз. 2. Жалбырак, мөмөлөрдүн саргарып түшүп, солуганы. *Колхоздун иши казан болуп, отоо, чабык, сугат. Дегеле миң иштин башы бир жолу кычап* (Сыдыкбеков).

**КАЗАН-АШ** Тамак-аш, азык-түлүк, тамак-аш жасоо мүмкүнчүлүгү.

**КАЗАН-АШТУУ** Тамак-ашы кенен, тамак-аш жагынан март.

**КАЗАН КАРМАТУУ** Тамак-аш жасатуу, идиш-аяк жуудуруу.

**КАЗАН МАЙРАМ** Эгин жыйылып, бастырылып, чөп чабылып бүткөн кез. Бул маалда көп элдер кубанычтуу майрам жасаган. *Бир күнү «Казан майрамы» деген чоң майрам болуп, үч күнгө созулду* (Элебаев).

**КАЗАНА** *туурасы:* **казына.**

**КАЗАНАК** Мүрзөнүн өлүктү коюу үчүн көндөйлөнүп казылган бөлүгү. *Эки киши Алматайды жайына жаткырышып, казанагынын оозуна чоподон жыя баштаганда, Эмилбек апасынан айрылганына көзү жетип, чыңырып жиберди* (Осмоналиев). *Кээ бир мүрзөлөрдүн казанактары оюлуп, оңурайып турат* («Чалкан»).

**КАЗАНАТ** 1. Чыдамкай, күлүк ат, буудан, тулпар, *Кара байыр казанат, Кетмен туяк, кең соору, Керишке минчү жылкы экен* («Сейтек»). 2. *өт.* Кубаттуу, күжүрмөн (адамга карата). *Казак менен кыргызга*

*Казанат элем чабылган* («Ала-Тоо»). *Кара байыр казанат* («Манас» С.К.). *Кабат-кабат артууда, Казанат келет жүгүрүп* (Токтоналиев). *Алыска минсе чарчабас, Кара байыр казанат* («Манас»).

**КАЗАНБАК** Көчкөндө сындырбай, көөсүн жугузбай алып жүрүү үчүн чырпыктан согулуп, казандын сыртынан кептеп коймо кабы. *Жаман көргөндүн бөркү казанбактай* (макал).

**КАЗАНДА** Казганактоо, аябай көп болуу, көбөйүп кетүү. *Турушат миллион эл казандаган, Миңи да тоонун бирин аша албаган* (Калык). *Калың жылкы, көп калмак, Казандап түздө жатканын, Табылды көрүп алды эми* («Эр Табылды»).

**КАЗАНДАЙ** Чоң, көлөмдүү. *Баары бирдей кара ала, Желиндери казандай* (Үмөталиев).

**КАЗАНДАТ казанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЗАНДУУ** Оокаттуу, тамак-аштуу, дасторкону кенен.

**КАЗАНЧЫ** 1. Казан жасаган уста. *Казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса* (макал). 2. Тамак-аш жасаган, казан кармаган адам, ашпозчу. *Ачуу менен таттуунун, Даамын таткан казанчы* (Токтогул). *Уйчу, койчу, казанчысы байлардын, Ээлей берди эчен жылы бакканын* (Токомбаев).

**КАЗАНЧЫК** *эск.* Милте коюлуп атылуучу мылтыктардын дары сала турган бөлүгү. *Чоргодой болгон көк милте, Казанчыкка киргени* («Манас»).

**КАЗАНЫ ДА МАЙ, КАШЫГЫ ДА МАЙ** Бардыгы жетиштүү, тамак-аштан эч кемчилиги жок, молчулук болуп турган учур. *Калп айтып эмне, азыр менин казаным да май, кашыгым да май* (Абакиров).

**КАЗАНЫ КОЮУ КАЙНОО** Тамак-ашы, оокат-тиричилиги жетиштүү болуу, кененчилик, молчулук байкалып туруу. *Колхоздошкондон бери гана казаның коюу кайнай баштады* (Убукеев).

**КАЗАНЫ КУУШ** Пейли тар, сарандык жайы бар. *Садырдын казаны да кууш, жанагы карагер катыны да чык татырбайт* (Бердикеев).

**КАЗАНЫ МАЙЛУУ** Бардар, колунда бар, оокат-аштуу, тамак-ашы кенен, жетиштүү. *Ал казаны майлуу, оокаттуу киши экен, аны биз айылдын аймагына биринчи кадам аттаганда эле байкадык* («Советтик Кыргызстан»).

**КАЗАНЫ ОТТОН ТҮШҮҮ** Казан асып, тамак жасап ичер кудурети жок калуу, эч нерсеси жок карап калуу, жакырлануу, оокат-ашсыз калуу. *Казаным оттон түшүп, кызыл от кысыр калбаса болду* (Сыдыкбеков). *Казаны оттон түшүп калыптыр.* **В.: Казаны тулгадан түшүү.** *Казаны тулгадан түшүп калыптыр. Казаны тулгадан түшүп, оту өчтү* (Шүкүрбеков). **Казанын сууга салуу.** *Ошентип, анын казаны сууга салынып калган экен.*

**КАЗАНЫНА АШ САЛЫП БЕРҮҮ** Жардамдашуу, көмөк көрсөтүү, көз салуу. – *Ай, какылдабай жаагыңды бас, Маадан сенин казаныңа аш салып берип жатса да* (Бердикеев).

**КАЗАП** *туурасы:* **касап.**

**КАЗАРКА** *зоол.* Жапайы каздын түркүмү.

**КАЗАРМА** 1. Аскер бөлүктөрү турууга арналган атайын жай, үйлөр. *Казарманын дарбазасынан ат ойнотуп, отуздай атчан солдат чыга келди* (Жантөшев). 2. Төңкөрүшкө чейинки Россияда фабриканын, өндүрүштүн жумушчулары туруу үчүн салынган жай.

**КАЗАСЫН ОКУТУУ** Көргүлүктү көрсөтүү, өлгөндөй кыйноо, өлүп-тирилгендей кылуу. *Казасын окуттум белем, Канкор Манас бурутту* («Манас»). **В.: Жаназасын окутуу.** *Жаназаңды окутуп коём, баатыр, эрдемсибей шук жүр!* (Осмоналиев).

**КАЗАТ** 1. Согуш, уруш, кандуу майдан. *Силерди эл ат жалынан кан аккан казатка узатып жатат* (Сыдыкбеков). *Барабыз казат жолго деп* («Манас» С.О.). 2. *тар. дин.* Мусулмандардын башка диндеги элдерге (капырларга) каршы жүргүзгөн ыйык согушу.

**КАЗГАЛДАК** Жапайы өрдөктүн түркүмүнө кирүүчү канаттуу. *Казгалдак учуп карыккан* («Семетей» С.К.). *Казгалдак деген кайран куш, Кайрылбай учат жем үчүн* («Сейтек»).

**КАЗГАНА** 1. Керме – катарлатып ат байлоочу жай. 2. Жардануу, катар туруу. *Казганага байлаган* («Манас» С.О.).

**КАЗГАНАКТА** Катар тартып, жардашып туруу же каптап кирүү. *Казганактабай кеткиле, эл-журтка жетип, эс алгыла!* (Бейшеналиев). *Баарынын күчү толгон буураакандап, Качырып кирди мына казганактап* (Турусбеков). *Аттуу, жөө, ала байрак, керней-сурнай, Кыр тарта туруп калды казганактап* (Абдыраманов).

**КАЗГАНАКТАТ казганакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЗГАНАКТОО казганакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЗГАНАТТА казганакта** менен бирдей. *Эмне үчүн эл казганаттап Шамырбекке өкүрүп келгендей, атама өкүрүп келишпейт?* (Жантөшев).

**КАЗГАЯК (казык аяк)** Орун-туруму жок селсаяк. *Же казгаяк экен деп, Кууратып мени чанбасын* («Мендирман»). *Айтканын берип ар кимге, Казгаяк бир күн түгөнгөн* (Жантөшев).

**КАЗДЫР каз II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЗЕИН** Сүттүн курамында болуучу, быш-

так жасаганда бөлүнүп чыгуучу белок заты.

**КАЗЕМАТ** 1. Авиабомбадан, артиллериялык чабуулдан сактануу үчүн жер алдында же жер үстүндө атайын курулган коргонуу жайы. 2. Кемеге орточо калибрдүү куралды орнотуу үчүн брондолуп жасалган жай. 3. Төңкөрүшкө чейинки Россияда саясий жактан айыпталып камалгандарды отургузуу үчүн ылайыкталган жеке абак.

**КАЗИНО** Кумар ойноочу жай. *Казино ачык. Сейил башталат, Кагылышат анда чынылар* (Пушкин).

**КАЗКАЛДАК** *туурасы:* **казгалдак.**

**КАЗКАНАКТА** **казганакта** менен бирдей. *Ал аңгыча болбой кыз жаткан отоого казканактап барып калдык* (Сыдыкбеков). *Казканактап он уулу, Баатыр Чынчыл кашында* («Мендирман»).

**КАЗКАНАТТА** **казганакта** менен бирдей. *Ош шаарынын туш тарабынан келгендиктен, эл казканаттап батпайт* (Жантөшев). *Мелдешти сүйгөн калың эл, Казканаттап жарданды* («Мендирман»).

**КАЗМУС** (казмун) Кыжылдаган, жайнаган – эң көп, эсепсиз. *Көптүгү казмун курт болду* («Манас» С.О.).

**КАЗНА** **казына I** менен бирдей. *Токтогул экөөбүз Асакемдин казнасына кол салдык окшойт* (Токомбаев). *Өмүрбек деген хан казнасын уурдатып, элге жар салат* («Жомоктор»).

**КАЗНАК** *туурасы:* **казанак.**

**КАЗТАМАН** *диал.* Жалбырагы жалпак келип, ача чачкан өсүмдүктүн аты. *Казтамандан жулуп келчи.*

**КАЗУАЛДУУЛУК** 1. Жалпылаштырууга мүмкүн болбой турган кокустук. 2. *филос.* Кокустук тууралуу окуу. Аталган окуу дүйнөдө кокустук үстөмдүк кылат деген Эпикур, Лукреций Кар ж.б. философтор тарабынан өнүктүрүлгөн.

**КАЗУИСТИКА** *филос.* Мораль тууралуу илимдин белгилүү бир шарттарда жана окуялардын учурунда жүрүм-турумдун мүнөзүн аныктаган бөлүгү.

**КАЗУС** Сот практикасындагы эң татаал, чаташкан, чиеленишкен иш.

**КАЗУУ** **каз II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЗЫ I** 1. Семиз жылкынын курсак жагынан кабыргаларына чейинки, чучук жасоо үчүн колдонула турган майы. *Ар тамакты жайнатып, Казы кертип, жалды жеп, Жая кертип, баарын жеп* («Эр Төштүк»). *Казы менен картага, Тойгонуңду ырдадың* (Токтогул). *Казы, карта жал берип, Байлыгы ашып толгон – дейт* (Калмырза). 2. Семирген, курсагы чыккан кишинин курсак майы. *Казыларын салаңдатып далай эле кишилер олтурушат* (Токомбаев).

**КАЗЫ II** 1. Казатка катышкан адам. 2. Мусулман башкаруучуларынын казатта (газавата) эрдик иштери үчүн алган ардактуу титулу. *Көп өлтүрсөң каапырды, Каапырлардан көрүнгөн, Баш тартпаган баатырды, Өлтүрсөң казы болорсуң, Шейиттерден дагы артык, Даражага конорсуң, О дүнүйө, бу дүйнө, Экөөндө тең оңорсуң* («Манас» С.О.). 3. Сурак жүргүзүүчү адам – сот. Казынын милдетине граждандык жана кылмыш иштерин тескөө. *Ойротту билген казы – деп* («Манас» С.О.). *Казыга салып, жүз камчы балак урдурду* (Жантөшев). *Атасы казы айтылуу, Адамдан чыккан бу бир куу* (Тоголок Молдо).

**КАЗЫ БАЙЛОО** Семирүү, семире баштоо, толуу. *Жүгүм жеңилдеп, санаам тынгандан бери кадимкидей казы байлап калдым* («Ала-Тоо»).

**КАЗЫК** 1. Малды же башка бир нерсени байлоо үчүн жерге кагып коюучу учтуу кыска темир же жыгач. *Кайкы мүйүз кара уйду Казыкка байлап коюптур* (Осмонкул). *Казыкка байлануу кайыктар толкундун эпкини менен четке серпилет* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Жөлөк, таяныч, бала, перзент. *Аман-эсен бар бекен, Аркамда калган бир казык?* (Токтогул). *Ач болсоң –азыгыңмын, ток болсоң – казыгыңмын* (макал).

**КАЗЫЛ** **каз II** этишинин туюк мамилеси.

**КАЗЫЛУУ** Семиз, семирген, казысы бар. *Атабек казылуу кабырганы, кыртыштай кесип сугунууда* (Жантөшев).

**КАЗЫНА I** 1. Алтын, күмүш же ар кандай баалуу буюмдар, байлык, мүлк. *Айкөлүнүн казына, Арбыныраак корогон* («Манас»). *Казынага жыйнадым алтын-күмүш, Эл үчүн, кошуун үчүн чогулткан иш* (Баласагын). *Калтардан канча түлкү алган, Казына болор мүлк алган* (Тоголок Молдо). *Казынаны жыйбадым, Карыптарды сыйладым* (Калмырза). 2. Ушул баалуу буюмдар сакталуучу жай. *Көк жал Манас ошондо, Казына оозун ачтырды* («Манас»). *Табылды он төрт жашка чыкканда, атасынын казынасын ачып жоо жарагын алат* («Эр Табылды»). 3. *өт.* Байлык, кен. *Канча түркүн казына, байлык тоолордо* («Кыргыз Туусу»). 4. *өт.* Руханий байлык, акыл-эс байлыгы. *Кандай кары, кандай зерек, даанышман; Кандай кымбат казына бар башында* (Токомбаев). *Поэтикалык сөз запастар оозеки поэзиядагы казынадан алынган* («Ала-Тоо»). 5. Мамлекеттин финансылык ресурстары, финансынын борборлоштурулган мамлекеттик булактары.

**КАЗЫНА II** *эск.* Өкмөт, мамлекет. *Жардылар баш кошуп, казынадан жер кестирип, там салышып, отуруктaшып жатышат* («Ала-Тоо»). *Казынанын нанын жеп Каламым курчуп жатамын* (Тоголок Молдо).

**КАЗЫНАЛУУ** 1. Казынасы бар, баалуу мүлкү, байлыгы көп. *Карып мискин же-*

*тимге, Казыналуу кен элең* («Эр Табылды»). 2. *өт.* Байлыгы мол, көп, кең-кесири. *Казыналуу көп ырдын, Түгөнбөс түптүү кенисиң* (Барпы).

**КАЗЫНАЛЫК** 1. Өкмөттүк, казынага таандык, мамлекеттик. *Казыналык жер. 1917-жылы казыналык ишканалар элдин менчигине өттү* («Коммунист»). *Айылдын тегерегинде иштеле турган казыналык жумуш көп* (Жантөшев). 2. *экон.* Финансылык, салыктык. Мамлекеттик кирешелерди аккумуляциялоого болгон карым-катыштар. *Казыналык (фискалдык) агент. Казыналык (фискалдык) саясат.*

**КАЗЫНАЧЫ** Казына кармаган киши. *Казыначы Бөлөкпай, Бөлөкпайга бара көр* (Бөкөнбаев).

**КАЗЫНАЧЫЛЫК** *экон.* Адатта өлкөнүн каржы министрлигине караштуу же анын курамындагы атайын мамлекеттик каржылык орган.

**КАЗЫНДЫ** Казылып ташталган, топурак, таш ж.б., казылган жер.

**КАЗЫР** *туурасы:* **азыр.**

**КАЗЫШ каз II** этишинин кош мамилеси.

**КАЙ** «Кайсы» деген сурама ат атоочтун кыскарган, өз алдынча колдонулбай, башка сөздөр менен айкашып (кай бир, кай жер, кай жак) айтыла турган формасы. *Бекен кай жагынан келер экен?* (Каимов). *Мен кай жеримен жаздым?* (Ашубаев). *Айдай катын Чүрөктүн, Миң амалдуу дүмөктүн, Кай амалын билебиз* («Сейтек»). *Кай бирлери салбыраган жүзүмдү аралап жүрүшөт* (Байтемиров). *Кай бирөөн чынар кылыптыр* («Манас»).

**КАЙБАР** 1. Эр, эр жүрөк, тайманбас. *Карасаңчы, кайбарлар, Кулакка илбейт айтканды. Бөлүп алат турбастан, Он эки мүчө, төрт санды* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Кенебес, эч нерсе менен иши жок. *Ой кайран кайбар, небак бүтчү жумушту эмдигиче сүйрөп жүрөсүңбү?!*

**КАЙБАТ** Ушак, айың, өсөк. *Көзүнө айткан сөздүн кайбаты жок* (макал). *Желдерден мурун желпинген, Кайбатты сүйгөн бенде бар* (Токомбаев).

**КАЙБАТТА** Ушактоо, кайбат айтуу, жамандоо. *Курман бирөөнү кайбаттап сүйлөгөн адам эмес* («Ала-Тоо»).

**КАЙБАТТОО кайбатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙБАТТУУ** *туурасы:* **айбаттуу.**

**КАЙБЕРЕН** 1. *миф.* Кийиктердин (жапайы эчки-теке, элик, бугу ж.б.) колдоочусу. *Кайберен жардам болсун деп, Кучакташты эки дос* («Эр Табылды»). 2. Кийиктердин жалпы аты. *Казак улуу тоонун кайберендерин биротоло ийрип алчудай камынат* (Сыдыкбеков). *Ойдогу мал да, тоодогу кайберен да семирген кез* («Ала-Тоо»). *Тоо эчки, кийик, марал, бугу өңдүү кайберендер жайылып жүрчү* (Сасыкбаев).*Кожожаш мерген көрө албай, Кайберен токтоп тура албай* (Эл адабияты). *Кадуукадуу зоолордон, Кайберендей басармын* (Осмонкул).

**КАЙГАК** Учкаяк.

**КАЙГООЛ** *эск.* Кароол, чалгын, күзөт. *Каба өзүнүн уулу баштаган алты жигитти кайгоолго койду* («Ала-Тоо»). *Кайгоолдо жүргөн адам жок, Бүгүн бир бейпил болгонсуйт* («Мендирман»).

**КАЙГООЛДО** Кароолдоо, чалгынга чыгуу, күзөтүү. *Кара мүртөз кузгундар, Кайгоолдоп меш тооруду* (Жантөшев).

**КАЙГООЛДОО кайгоолдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙГООЛДОТ кайгоолдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙГУУЛ кайгоол** менен бирдей. *Кайгуул карап, жер чалып* («Манас» С. К.).

**КАЙГУУЛЧУ** Айыл кайтарган атчан адам. *Кайгуулчу көрдү караанын, Кайра чепке чапкылап, Таламанын тал түштө, Таанып алды жакшылап* («Эл адабияты»).

**КАЙГЫ I** Кандайдыр бир себептен улам капа чегип, санаа тартуу сезими, убайым, капалык. *Ач кайгысын ток билбейт* (макал). *Кайгыга көңүл басынат, Кайрат кылсам жазылат* (Казыбек). *Кайгы – адамдын касы, эмгек – адамдын досу* (Байтемиров).

**КАЙГЫ II** Кайкуу, кайып учуу. *Кайгып келип отурду, Сары ташты акмалап* (Бөкөнбаев).

**КАЙГЫЛАН** Кайгы тартуу, капа болуу, азап чегүү, убайымга түшүү. *Кайгыланбай кайрат кыл, Сага түшчү салмак бар* («Манас»). *Эсимде! Бир күнү атам кайгыланды* (Турусбеков).

**КАЙГЫЛАНТ кайгылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙГЫЛАНУУ кайгылан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙГЫЛУУ** 1. Кайгы-капасы бар, кейиштүү, убайым тарткан, кайгыга баткан. *Кайгылуу адамга катуу сөз угуу оор болот, балам.* («Ала-Тоо»). *Кагылайын Олжобай, Кайгылуу кылып таштадың* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кардыгачтын каты ушул, Кайгылуу болгон дарты ушул* («Эр Табылды»). 2. Кайгы тарттырар, кейите турган, жамандык жагы бар. *Кайгылуу окуя. Кайгылуу кабар. Кайгылуу иш.* 3. Кайгы менен өткөн. *Кайгылуу кыйын күндөрдү эскерип, көпкө чейин сүйлөшүп отурдук* («Ала-Тоо»). *Мен башыман өткөргөн оор, кайгылуу тарыхты ойлобоско аракет кылам* (Абдукаримов).

**КАЙГЫР** Капа болуу, кайгылануу, убайым тартуу. *Өмүрүндө кайгырбаган капитандын өңү бузулуп, көзүнөн жаш кылгырды* (Жантөшев). *Жолойду таппай кайгырып,*

*Айласы кетип Манастын, Алтайга тартып кайрылып* («Манас»). *Татыбек турмуштун али эч бир даамын тата электигин эстеп кайгырды* (Байтемиров). *Ботосу өлгөн ингендей, Боздоп нечен кайгырдым* («Мендирман»).

**КАЙГЫРТ кайгыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙГЫРУУ кайгыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙГЫСЫЗ** Кайгы-капасы жок, көңүлү шат, убайымсыз. *Кайгысыз элим жаша деп, Эркиндик заман тургуздуң* (Үсөнбаев). *Убайымсыз, кайгысыз, Узун жашоо бир кызык* (Осмонкул).

**КАЙГЫР кайгы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙГЫЧЫЛ кейикчел** менен бирдей. *Мындайда кайгычыл киши бүлөсүн да, өзүн да эзип таштайт* (Каимов).

**КАЙДА** 1. Нерсенин турган ордун, жайын, кайсы жерде экенин ж.б. аныктоо, суроо үчүн колдонулат. *Атаң кайда, кайда иштейт ал?* (Сыдыкбеков). *Кайдасыңар иттер? – деп, Жоокерлерге бакырды* («Мендирман»). *Табылды кайда, айтып бер, Таштаган жериң кайсы жер?* («Эр Табылды»). 2. Бет алган жакты, бара турган багытты, жерди ж.б. суроо үчүн колдонулат. *Балдардан айрылып кайда бармак эле?* (Турусбеков). *Жылкычылар кайда кеткенин билген ким бар?* («Ала-Тоо»). *Ошентип туулган биз болсок, Эми качабыз кайда селпектеп?* («Мендирман»). 3. Болууга мүмкүн эместикти, жок экендикти билдирген терс маанide колдонулат. *Падыша заманында азыркыдай транспорт деген кайда!* (Сасыкбаев). *Бала ыйлабаса, эмчек кайда* (макал).

**КАЙДА БАРСАҢ, МАМАЙДЫН КӨРҮ** Кайда барбагын, бардык жерде эле кыйындык, бардык жерде эле бирдей оорчулук, жапа тарткан көрүнүш деген маанide колдонулат. – *Э, кызым, азыр кайда барсаң, мамайдын көрү болбодубу* (Абдукаимов). *Тоголок Молдо көкүрөгү куушурулгансып, кайда барсаң – мамайдын көрү, деди ичинен* (Бейшеналиев).

**КАЙДАГЫ** Жок экендикти, болбогондукту билдирген терс маанини күчөтүү иретинде колдонулат. *Кайдагы жок шумдукту табасың да!* (Сыдыкбеков). *Менде кайдагы акча болсун, өзүң билесиң да* («Чалкан»).

**КАЙДАДЫР** Кайсы тараптан экендиги ачык эмес, кайсы жактан экендиги белгисиз. *Кайдадыр алыс жактан ооз комуздун безеленген жагымдуу кайрыгы угулат. Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды, Жер чийген чачтарыңа байладың да...* (Мамытов).

**КАЙДАЛА** «Кайда», «кайда» деп кайталап суроо, сурамжылай берүү. *Кырк чоронун баарысы, Кыргыл, Бакай карысы, Жоо кайдалап ошондо, Даяр болуп калышты* («Манас»).

**КАЙДАН** Кайсы тараптан, кай жерден экендигин, кайсы жактан келгендигин, кантип, эмне себептен пайда болгондугун ж, б. суроо, аныктоо үчүн колдонулат. *Кайда тентип барабыз, Кайдан малды табабыз?* (Бөкөнбаев). *Бул адамдар кайдан келишкен экен?* («Ала-Тоо»), *Бул кайдан минтип ойлсун* («Чалкан»). *Дагы кимге канетип, Кайдан чыгат каргаша?* («Мендирман»).

**КАЙДАН-ЖАЙДАН** Белгисиз себептен улам, заматта, андан-мындан, арыдан-бери, ар кайсы жактан, ар тараптан пайда боло калуу. *Балдардын үчүнчү бири кайдан-жайдан темир чүңгөлөк таап суу ала чуркады* (Сыдыкбеков). *Ак бууранын чуудасындай созолонгон булут кайдан-жайдан пайда болду* (Сыдыкбеков).

**КАЙДИГЕР** 1. Жөн гана, тим эле, бирөөгө, бир нерсеге тике тиешеси жок, жөнүнчө гана, атайылап эмес. *Каныбек жөнүндө сүрүштүрүп отурушкандары адаттагы кайдигер сураштырыуулардын бириндей сыяктанды* (Жантөшев). 2. Кош көңүл, анча маани бербестен, жоопкерсиздик менен, салкын көз менен. *Мал чарбасына кайдыгер карайт окшобойбу?* (Убукеев). *Мындай окуяларга кайдыгер карабайбыз* (Сасыкбаев).

**КАЙДИГЕРЛИК** Кош көңүлдүк, көңүл коштук, жоопкерсиздик. *Дербиш аялынын ирецинен кайдигерликти байкап, чын пейилин түшүндүрүүгө ашыкты* (Каимов).

**КАЙДИГЕРЧИЛИК кайдигерлик** менен бирдей.

**КАЙДЫГЕР** *туурасы:* **кайдигер.**

**КАЙКАЙ** 1. Белди кайкалатып, башын көтөрүп, чалкалай басуу же туруу. *Кайкая басуу.* 2. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, теңине албоо, теңсинбөө. *Көрмөксөн болуп кайкаят, Көчөдөн көрсө бул кезде* (Маликов).

**КАЙКАЙТ кайкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКАЙЫҢКЫ** Өтө кайкы эмес, анчамынча кайкайгансыган. *Бели кайкайыңкы.*

**КАЙКАК** Ийилген, кайкалак, кайкы келген. *Мурду кайкак.*

**КАЙКАКТА** Көкүрөктү керип, кайкая тартып жүрүү, короздоно чалкалай басуу. *Базарга барчумун деп, Кайкактаган бойдон, жүрүп кете берди* («Чалкан»). *Үзөнгүнү чирене тээп кайкактайт, Эңишчүдөй бөктөрүнүп чепкенин* (Токомбаев).

**КАЙКАКТАТ кайкакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКАКТОО кайкакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙКАЛА** 1. Чалкасын карай ийилип, кайкайган абалда болуу (мис. бел, колдун башы ж.б.). *Белинин ооруганына чыдай албай, Кыдык карыя кайкалап-кайкалап алып, кайрадан кыбырай баштады* (Байтемиров). *Кайкалап туруп шилтесе, Казан-*

*дай чымды каңтарат* (Осмонкул). *Карлыгачтар алда кайдан зыпылдап, Чурулдашып коно калат кайкалап* (Токомбаев). 2. *өт.* Менменсинип бой көтөрүү, мыктысынуу. *Актив сөрөйлөр кайкалап калма адатты качан коёр экен!* («Чалкан»). 3. Мелмилдеп, учу-кыйры кең көп болуп көрүнүү. *Кара-Буура, Чаткалда Кайкалап көп эл жатканда* («Сейтек»). *Жер кайкалап мелтиреп, Өлкө бүгүн гүлдөгөн* (Элебаев). *Кайкалап жаткан боз талаа* (Маликов). *Теребел көк жашыл тартып, ой кай- калайт* (Сыдыкбеков). 4. Көйкөлүп, сеңселип туруу (эгинге ж.б. карата). *Сейитованын колунун учу те алда кайдагы түздө кайкалаган эгин аянтын көрсөттү* (Сыдыкбеков). *Кайкалап чыккан буудайым* (Тоголок Молдо).

**КАЙКАЛАК** Кайкайган, кайкысынан келген, кайкалап турган, ийилген. *Бели кайкалак. Жону кайкалак келген там.*

**КАЙКАЛАКТА** Белин кайкалатуу, кайкактоо, кайкаң-кайкаң этүү. *Кара жалдуу кула бээ, Кайкалактап алыптыр* («Манас»). *Куйругун көтөрүп кайкалактап, текени туурап маараган чакчыгай* (Токомбаев).

**КАЙКАЛАКТАТ кайкалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКАЛАКТОО кайкала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙКАҢ I** Эки жагы бийик, көтөрүңкү, орто жери кайкы келген, кайкайган жон, бел, кыр. *Күдүрдүн чети кайкаңдан, Күтүп жатты Табылды* («Эр Табылды»). *Эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө* (Сыдыкбеков). *Кайкаңды ашса, ары жагы колот, майда-майда жыбыттар* (Каимов).

**КАЙКАҢ II: кайкаң-кайкаң** Кайкалаңдаган, белин кайкандаткан көрүнүшкө карата колдонулат. *Кайкаң-кайкаң этүү.*

**КАЙКАҢДА** Кайкаң-кайкаң этүү, белин кайкалаңдатуу. *Ошентип, атын Төлөк бура тартып, Кайкаңдап карап турду аты чарпып* (Токомбаев).

**КАЙКАНДАТ кайкаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКАНДОО кайкаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙКАҢЧА** Анча чоң эмес, кичине кайкыча. *Кыйкырса жанды куткарбас, Шериң келип калыптыр. Сары адырмак кайкаңча, Белиң келип калыптыр* («Сейтек»).

**КАЙКАЧ кайкы I** менен бирдей.

**КАЙКУУ** *аңч.* Алгыр куштар эң бийик көтөрүлүп келип качыруу, тийүү.

**КАЙКУУ кайкы II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙКЫ I** 1. Эки жагы көтөрүңкү, орто жери кайкаң келген бел, кыр, жон. *Кайкыны ашканча быштынын таноолору дердеңдеп, тер төгүлдү* (Касымбеков). *Ачакей кайкы белестен, Алдын тосуп каламын* («Эр Табылды»). *Кайкыдан шамал жел урса, Чөптүн башы ыргалат* (Токтогул). *Ана, машина кайкыдан бери түшүп келе жатат* («Ала-Тоо»). 2. Орто жери бөксө, кайкалак, белбаскак келген, ийилген. *Кайкы мүйүз кара уйду, Казыкка байлап коюптур* (Осмонкул). *Кең таноолуу мурдунун үстү кайкы, кара тору киши – Айдарбек* (Жантөшев).

**КАЙКЫ II** Кайып учуу, сызып учуу, бир нерсенин үстүнөн кайып өтүү. *Канаттуу кайкып уча албай. Бутага барып корголойт* (Токомбаев). *Боз кыядан кайкып өтө берерде, Бир түлкүнү сол колуна кармады* (Осмонов). *Айры куйрук, кулаалылар кайкып учат* (Байтемиров).

**КАЙКЫЙ** Уч жагы же орто жери кайрылып, ийри тартып, кайкы болуп туруу, кайкы болуп көрүнүү. *Мурдуң кайкыйбаган болсо, сен бул жерде турчу башың жок* («Чалкан»). *Чалгынын учу кайкыйып калган го, ташка тийгенби?* («Ала-Тоо»).

**КАЙКЫЙТ кайкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКЫТ кайкы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙКЫЧ** *туурасы:* **кайкы.**

**КАЙКЫЮУ кайкый** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЛА I** *туурасы:* **кайлоо.**

**КАЙЛОО** Тоо тектерин казып алыш үчүн ылайыкталып жасалган, саптуу чукулдук сыяктуу болгон курал. *Колундагы кайлоонун, Курчтугу өткүр болоттой* (Осмонкул). *Ашыр кайлоону бирде чөгөлөй түшүп, бирде жамбаштай калып согууда* (Сасыкбаев).

**КАЙЛООЧУ** Кайлоо менен кен казып иштей турган жумушчу. *Шахтёрлордун экөө – кайлоочу, калган үчөө көмүр ташышат* (Сасыкбаев).

**КАЙЛЫК** *диал.* Колукту, келинчек. *Айтып ыйлап олтурду, Камчыбектин кайлыгы* («Эл адабияты»).

**КАЙМА** Кыйуу, жээк; бир нерсенин кайып тигилген жээги, кыюусу, кыры. *Каймасы кызыл жибектен.*

**КАЙМАГЫ БУЗУЛБОО** Кол тийбеген, ошол алгачкы түрүндө калган абалда болуу, козголбоо, мурдагы калыбында калуу. *Мына эми калың кара журт чачылып, көрбөгөнү көр болуп кайтканда, мал-жаның эсен, каймагың бузулбай калдың, байым* (Сыдыкбеков).

**КАЙМАК** 1. Сүттүн үстүнө чыгып калган майлуу катмары, сүттүн коюлуп калган үстүнкү бөлүгү. *Койчунун аялы Динардын алдына каймакты койду* (Сыдыкбеков). *Каймагын бузбай туруп, табактагы сүттү камыш менен да шимирдик* (Токомбаев). *Калпып жеп тандап каймагын, Карабайт үйдүн айранын* (Шүкүрбеков). 2. Бышырылган тамак-аштын же башка бир суюктуктун үстүндө туруп калган катмары. *Сары*

*каймак таруу бозону көбүртүп көтөрүп келди* (Бейшеналиев). *«Уфү-уфүлөп», үстүнө үйрүлө беришип, балдарын арпа жарманын каймагындай былжырак өстүрүп алышат* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин эң маанилүү бөлүгү, асыл, кымбат деп бааланган маңызы. *Асыл жердин алтын баасы каймагы* (Калык). *Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен, Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы* (Осмонов). *Достун түбү – каймак, уурунун түбү – айгак* (макал).

**КАЙМАККА КУЙМАК КУЙГАНДАЙ** Абдан мыкты, бири-бирине төп келишкендей, жарашып тургандай деген мааниде. *Эгер андай болсо, каймакка куймак куйгандай болот эле да* («Ала-Тоо»).

**КАЙМАКТА** 1. Идишке куюлган сүттүн үстүнө каймак пайда болуу, каймак туруп калуу. 2. Суюктуктун бетине каймак сыяктуу коюу зат, катмар пайда болуу. *Көмүрдүн тоскогу суу бетине капкара болуп, чыланып, каймактап калды* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Жанбактыланып кайпактап жүрө берүү, үстүртөн тийди-качты кол тийгизүү, кайсактап жарытылуу иш бүтүрбөө. *Көпчүлүктүн ичинде каймактаган жан бактылар да болот* (Өмүрбаев).

**КАЙМАКТАЙ** Аябай семиз, семиздиги ылайдай. *Каймактай семиз кой-козу, Капталды беттеп жайылган* (Мидин).

**КАЙМАКТАТ** **каймакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙМАКТОО** **каймакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙМАКТУУ** 1. Каймагы көп, коюу (сүткө карата). *Каймактуу сүт. Сүтү каймактуу кыргыз уюнун тукумунан экен* («Ала-Тоо»). 2. Каймактаган, каймагы бар. *Кара сур тарткан каймактуу бозо көбүрүп, кайнап турду* (Сасыкбаев).

**КАЙМАЛ** Беш жаштан өйдөкү ургаачы төө. *Ботосу өлгөн каймал гана ушундай боздомок* («Ала-Тоо»). *Кечирээк тууган каймалдар, Тайлактарын ээрчитип* (Осмонкул).

**КАЙМАН** *зоол.* Борбордук жана Түштүк Америкада жашоочу крокодилдин белгилүү бир түрү.

**КАЙМАНА** Бир нерсенин түз эмес, жанытма, өтмө мааниде берилиши, сөздүн жашырын мааниси. *Каймана сөздөн баштап, ашкере сөзгө да өттүк* («Советтик Кыргызстан»).

**КАЙМАНАЛА** Түздөн-түз эмес, башка бир окуя, көрүнүш аркылуу жанытып айтуу, каймана түрдө билдирүү. *Кайманалап айтып жатканын кара* («Ала-Тоо»).

**КАЙМАНАЛАТ** **каймaнала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙМАНАЛОО** **каймaнала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙМАНАЛУУ** Каймана түрүндө, жанытып айтылган. *Күлдүрмөккө курган жан, Кайманалуу кеп айттым* (Тоголок Молдо).

**КАЙМАР** Кат-кат, кабат, катар.

**КАЙНА** 1. Кайноо температурасына жетип ысуу аркылуу боркулдаган, шарактаган абалда болуу. *Катар-катар кемегеге чай кайнап, Казанында сызгырылып май кайнап* (Маликов). *Чүйгүндөлүп салынган эт боркулдап кайнай баштады* (Жантөшев). 2. Ачыганда, ачып күчүнө киргенде көбүрүп-жабырып, көтөрүлүп туруу. *Кара сур тарткан каймактуу бозо көбүрүп, кайнап турду* (Сасыкбаев). *Сабаадагы курч кымыз, Бал кошкондой кайнаган* (Барпы). 3. Абдан ысык болуу, ысып кетүү. *Аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады* (Айтматов). *Күн шашкеге жетпей эле кайнап кетет* (Сасыкбаев). 4. Катуу кызыган, күчөгөн абалга келүү, күч алуу, бакашака түшүү. *Эмгек кайнаган сайын келиндер жигиттерге тийишип, күлкү аралаш тамаша сөздөр чыгат* (Сыдыкбеков). *Согуш кайнап, өлкө кыйын абалда турган кезде Атантаев фронтко жөнөмөкчү болду* (Сасыкбаев). *Иш кайнап, күн сайын күч алып турган кез* («Ала-Тоо»). 5. Аябай көп болуу, жык-жыйма, кыжы-кыйма болуп туруу. *Кайнаган топто эр Сыргак, Караса көзгө илинбейт* («Манас»). *Кумурскадай кайнаган, Кекилик, чили кыйгыттап* (Тоголок Молдо). *Кайнаган кошун кайкыдан, Чыгып жатат чубуруп* («Манас»). 6. Кыжыры, жини, ачуусу ж.б. аябай келип, токтоно албай буулуккан, туталанган абалда болуу. *Кыжыры кайнап фашистке, Курчуйт күндө куралдар* (Тоголок Молдо). *Кеги кайнап жүрөктө, Күчү толуп билекке* (Осмонкул). *Азиз хан ызаланат жини кайнап* (Осмонов). 7. Ташкындоо, толуу, күч алуу, көбөйүү. *Ашырдын кайраты, деми кайнап турган эле* (Сасыкбаев).

**КАЙНАГА** Күйөөсүнүн агасы (аялына карата), аялынын агасы (күйөөсүнө карата).

**КАЙНАК** Кайнатылган, кайнаган, чийки эмес, бышырылган. *Кайнак суу. Кайнак сүт.*

**КАЙНАЛЫ** *диал.* Кара өрүк. *Көп пайдаңдан аккан суу, Көгөргөн дарак кайналы* (Барпы).

**КАЙНАМ** Кайноочу, кайнап бышуучу тамак-ашты даярдоодогу мезгилдик өлчөм түшүнүгү (чай кайнам; бир жолку салган отун күйүп бүткөнчөлүк убакыт). *Эттин дагы бир кайнамы бар. Тамактын бир кайнамы кем болуп калыптыр. Акыркы бир күндүк жол жолоочуларга бир чай кайнам убакыттай эле туюлду* (Каимов). *Басылды кайра жамгыр чай кайнамда* (Шимеев).

**КАЙНАР** Оргуп чыккан булак, башат. *Кең-Кол ата боюнда, Кайнардын кара көзүндө, Как чынардын өзүндө* («Манас»). *Кажаңдап опсуз сүйлөбөйт, бейжай, Каалаcа оргуйт кайнары бардай* (Абдыраманов).

**КАЙНАСА КАНЫ КОШУЛБОО** Эч келише албоо, ыркы келишпөө, бирине-бири эч жакындашпоо, элдешпөө, мамилеси жок болуу. – *Жок, Карабек мырза! Экөөбүздүн кайнаса каныбыз кошулбайт, ак жеринен каралап атаң экөөңдүн кылган кордугуңар эсиңде чыгар?* (Жантөшев). *Бай-манаптар Токтогулду кас санаган, кайнаса каны кошулбаган душманы катарында таанышкан* (Бөкөнбаев). *Төрөсү менен чоронун Ымаласы бирикпей, Кашатка чопо жошулбай, Кайнаса каны кошулбай* («Манас»).

**КАЙНАТ кайна** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙНАТА** Аялынын атасы (күйөөсүнө карата), күйөөсүнүн атасы (аялына карата). *Мына ошентип күйөөлөр, Кайнатасы Көкдөөгө Кызмат кылып берсин де* («Эр Төштүк»). *Антпей калышыма кайнатам себеп болду* (Убукеев).

**КАЙНАТМА** Кайнатуу жолу менен алынган, кайнатып даярдалган. *Кайнатма туз. Кайнатма дары.*

**КАЙНАТЫМ** 1. **кайнам** менен бирдей. 2. Чайдын бир салууга жарарлык, бир салымдай өлчөмү.

**КАЙНЕЖЕ** Аялынын эжеси (күйөөсүнө карата), күйөөсүнүн эжеси (аялына карата). *Кайнежем деп, чайын демдеп, Этин турду жеткирип* (Нуркамал).

**КАЙНЕНЕ** Аялынын энеси (күйөөсүнө карата), күйөөсүнүн энеси (аялына карата). *Келиндин кайненеси эшиктеш башка бөлмөдө турат* (Абдукаримов). *Кантесиң, Бермет, айрылдың, Кайнененң жүзүн көрө жүр* («Саринжи-Бөкөй»).

**КАЙНИ** Күйөөсүнүн иниси же күйөөсүнө инилик жакындыгы бар адам (аялына карата), аялынын иниси же аялына инилик жакындыгы бар адам (күйөөсүнө карата). *Кана, Гүлжан, кайниңе сүйүнчү бербейсиңби? – деди энеси* (Абдукаримов). *Жездеси кайнисине барды* («Жомоктор»). *Кайнибиз келет экен деп, Канча сулуу жеңелер, Чачын жууп тарашып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КАЙНОЗОЙ: кайнозой эрасы** Жердин геологиялык тарыхынын эң жаңы деп эсеп кылынган эрасы (бул эра азыркы доор тандык болгон үчүнчүлүк жана төртүнчүлүк деген эки мезгилден турат).

**КАЙНОО** 1. *диал.* Кайнам. *Бир кайноо ичинде.* 2. **кайна** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙПАКТА** 1. Ар кайсыны бир кармап карбаластай берүү, шаштысы кетип күйпөлүү. *Кемпир кайпактап, идиш-аягын кармалап, шаштысы кеткен өңдөнду* (Бектенов). 2. Батына албай тайсалдоо, качкалак тартуу. *Кайпактабай туз айт.*

**КАЙПАКТАТ кайпакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙПАКТОО кайпакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙПАЛАКТА** 1. **кайпакта** менен бирдей. *Кайпалактап жумуштан, Качкан жаның курусун* (Осмонкул). *Керез чыдай албай кайпалактады* (Бейшеналиев). 2. Бирөөгө жагынуунун аракетин кылып күйпөлөктөө, көшөкөрлөнүү. – *Макул, макул,– деди райононун башчысы кайпалактап* (Баялинов).

**КАЙПУУ кайпы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙПЫ** 1. Үстүнөн жукалай кесүү, жукалап жонуу. *Бычак менен кайпып өт, кайпып кес.* 2. Нерсенин үстүнөн тиер-тийбес болуп өтүү, жанып өтүү. *Кайпып учуу. Калың чыккан гөдөөнү кайпып сыдырым жел жүрөт* (Абдукаримов).

**КАЙПЫЙ** Кыйгай, түз эмес, кыйгачынан. *Белестин жонун кайпый тийген күн чоң корпустун терезелеринен түшүп турду* (Сасыкбаев). *Бычактын мизи жашыл тартып, жалаңдаганда, чарыкчы бармагынын этин кайпый жонуп көрдү* (Сасыкбаев).

**КАЙПЫТ кайпы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙРА I** Дагы, кайта, экинчи ирет, дагы кайталап, дагы бир нече жолу. *Эс алгыла! Оокаттанып болуп, кайра киребиз* (Байтемиров). *Динар барактарды кайра ачып, бая барактын ак жерине жазгандарына карап уялып кетти* (Сыдыкбеков). *Асан Айсулууга кайра келди* (Баялинов). *Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагысы келди* (Сыдыкбеков). *Жерге калпак түшүрбөй Кайра-кайра көп атты* (Тоголок Молдо).

**КАЙРА II** 1. Кесүүчү, чабуучу куралдарды курчутуу үчүн кайракка, ташка ж.б. нерсеге жануу, жанып курчутуу, мизин чыгаруу. *Кылычтай болгон ак канжар, Бүлөө таш менен кайраган* (Осмонкул). *Шымаланып баса калчу өңдөнүп, Жуушаң кайрап, билек түрөт кыркмачы.* (Осмонов). *Орок, чалгы кайрашып, Чөп чабууга киришкен* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бирөөгө каршы көкүтүү, каршы болууга, урушууга, чырлашууга тукуруу, эрегиштирүү. *Урушturуп балдарды, Кайрап турат балалык* (Токтогул). *Балдар Ашымды алдыртан кайрашты* (Сыдыкбеков).

**КАЙРАК I** Бычак, чалгы ж.б. сыяктуу кесүүчү куралдарды кайрап курчутууга колдонула турган таш. *Кайрактай тили жаланган, Кадоодой тиши саналган* (Токомбаев). *Жазгычтар – кылыч болсо, сынчы – кайрак, Кылычты өткүр кылат мыкты кайрап* (Осмонов).

**КАЙРАК II** Суу чыкпагандыктан, сугарылбай айдалуучу жер. *Төштөгү апай бettин баары кайрак* (Таштемиров). 2. Ушун-

дай жерге айдалган эгин. *Быйыл кайрак эгин жылдагыдан жаман эмес* (Абдукаримов).

**КАЙРАКТА** Кайрак кылып айдоо. *Кайрактап айдаган арпаларга орок салына элек* (Ашубаев).

**КАЙРАКТОО кайракта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙРАКЧЫ** Кайрак менен кайрап курчутуучу адам. *Мастер Андрейди ээрчитип, кайракчылар участогун көздөй басты* (Сасыкбаев).

**КАЙРАКЫ кайрак II** менен бирдей. *Чолок-Сөгөттүн кайракысы кере карыш баш алып, катып бүткөн эле* (Касымбеков).

**КАЙРАЛ кайра II** этишинин туюк мамилеси.

**КАЙРАЛА** Дагы кайталоо, кайрадан баштоо, кайра башынан түшүү. *Кайралап Ак-Селосуна барат* (Убукеев). *Бул замандын теңдигин, Айткым келет кайралап* (Токомбаев).

**КАЙРАН I** 1. Ыйык, аялуу, сонун, ардактуу. *Кайран Ивановду жоктоп барып койгонуң жакшы эле болду, байбиче* (Сасыкбаев). *Карып болуп кайран жан, Кир басты кызыл өңүмдү* (Токтогул). *Кайран бала, сонун жигит болду эле го!* (Сыдыкбеков). *Кайран жигитке убал болгон экен да!* («Чалкан»). *Кайран эмгегим, бекер эле талаага кетпедиби* («Ала-Тоо»). *Кайран эне, арманда кете бербедиби* («Ала-Тоо»). *Сага корогон кайран мээнетим! Жаманга айткан кайран сөз! Кайран жеңем, ушундай эрдиги бар эле дейм да!* («Ала-Тоо»). *О, кайран Жусуке, азаматсың, абдан сонун болбодубу* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөнү мыскылдоо, келекелөө маанисинде айтылат. *О, кайран неме, келе кой!* (Сыдыкбеков). *Атасы! – О, кайран неме, кайран неме! Сен кыз алганды коюп, жумушка жөнө!* (Шүкүрбеков).

**КАЙРАН II кайра II** этишинин өздүк мамилеси. *Бычагын кайранып жүргөнүнө караганда, булар кой сойгону жатабы деймʼ?* («Ала-Тоо»).

**КАЙРАСА КОЛ КЕСПЕГЕН** Эч нерсеге жарабаган, өтүмү жок, чоркок. – *Эх, Аянкул, сен ташка кайраса кол кеспеген неме окшойсуң* (Жусупов).

**КАЙРАТ I** Бир нерсеге алы келерлик, алдуу, күүлүү деп айтарлык кубат, дем, эрдик, чыдамдуулук, сабырдуулук. *Калыс сымак жан эле, Кайраты бар чал эле* («Эр Табылды»). *Күндөн күнгө чамынып, Күч-кайратың чыңдагын* (Осмонкул). *Душманга кайрат кылар кимиң бар!* («Ала-Тоо»). *Кайратыңан айланайын балам, сабыр кылганың жакшы, атасынан айрылбаган ким бар?* («Ала-Тоо»). *Катар жүргөн – жылуу сөзүн айтканда, Кайрат болмок, кубат бермек дарманга* (Бегимкулова).

**КАЙРАТ II кайра II** этишинин аркылуу мамилеси, *Чалгы кайрат.*

**КАЙРАТ АЙТУУ** Аза күтүп, катуу кайгырып турган адамга жакшы тилегин айтып, көңүлүн көтөрүү, жубатуу. *Сөөгү сыздай түшкөн Сарала кайрат айтты: – Эстүү элең, Батишжан. Эсиң менен жүр, акылдан шашпа!* (Сыдыкбеков). *Эми мен Сагындыкка сынтагып, ага кайрат айтып отурам* (Абдукаимов). *Сөз менен кайрат айтканга да жарабасак, теңтуштугубуз кайсы биздин?* (Сыдыкбеков). *Келгендердин бардыгы казанчынын жанына барышып, кайрат айтышты* (Токомбаев). **В.: Көңүл айтуу.** *Келгендер Алим эжеге, анын балдарына көңүл айтышты* (Абдукаримов).

**КАЙРАТ БАЙЛОО** Күчтөнүү, чыйралуу, бакубат болуу, чыңалуу. *Бирок Адыл чыйралып, Кайта кайрат байлады* (Жантөшев). *Токсондоп мүшкүл келсе да, Кайрат байлап кажыбай, Кабелтең бууп белиңди* (Жантөшев). *«Жеңиштер» деген сонун сөз, Жерине кайрат байлады* (Бөкөнбаев).

**КАЙРАТ КЫЛУУ** 1. Кыйын ишти аткарууга бел байлап, чымырканып, белсене киришүү. *Кантсе да бир кайрат кылып көрмөкчү болдум эле* («Чалкан»). 2. Сабыр кылуу, көп кейий бербөө, өзүн токтотуу. *Кайрат кыла турган жөнүң бар эмеспи, жигит, агаңдын артында бала-бакырасы турат* («Ала-Тоо»). *Ушул күнгө чейин кайрат кылып келген сага биз туугандарың өтө ыраазыбыз* («Кыргызстан маданияты»).

**КАЙРАТКЕР** Кайраттуу, чечкиндүү ишке белсенип киришкен кужүрмөн. *Кайраткерлер, кандай шартка болсо да, Кыйындыктан эч такалып тартынба* (Элебаев). *Кайраткер, чебер бул жигит* (Маликов). *Кырдай-кырдай кызылды, Кайраткер дыйкан алганы* (Турусбеков).

**КАЙРАТКЕРЛИК** Кужүрмөндүк, кайраттуулук, каармандык. *Алымкул кандайдыр бир зор кайраткерлик менен кетменин көтөрүп, Сарыбаштын өзүн көздөй тап берди* (Абдукаримов).

**КАЙРАТМАН** Кайраты бар, кайраттуу, кайраткер. *Жабуулап күлүк байлашкан, Жигити баатыр кайратман* (Осмонкул). *Гүлжан колунан иш келген кайратман чыкты* (Сыдыкбеков). *Аялдан чыкса кайратман, Акындар талбайт айтардан* (Үсөнбаев).

**КАЙРАТСЫЗ** Кайраты жок, алсыз, начар, кайрат кыла албаган. *Кетели, журтум, бел байлап, Кайратсыз адам уулбу!* (Турусбеков). *Кайратсызга ок жыландай ышкырып, Ач эшик деп шалдыратып тарткылайт* (Шүкүрбеков).

**КАЙРАТТАН** Санаага, кайгыга чөгүп кетпей, кайрат кылуу, өзүн өзү токтотуп, сабырдуулук, чыдамдуулук кылуу, чымыркануу, демденүү, кубаттануу. *Динар кайраттанып, бек-бек унчукту* (Сыдыкбеков). *Бул убакта*

*Нурбүбү жолдошторунан, алган катты окуп, кайраттанып отурган* («Ала-Тоо»). *Капитан кайраттанып, эч нерсеге муюшпай бара жаткан бир боорлоруна ыраазы болгондой көпкө карап турду* (Жантөшев).

**КАЙРАТТАНТ кайраттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙРАТТАНУУ кайраттан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙРАТТУУ** 1. Кайраты бар, күүлүү демдер, алдан-күчтөн тайбаган. *Кар болдойт мээнет чырмаса, Кайраттуу нечен кабылан* (Кабылан). *Абышка али кайраттуу, карылыкка алдыра элек* («Ала-Тоо»). 2. Кайгыга, санаага жендирбеген, кайрат кыла билген, сабырдуу. *Деги апам тигилерден кайраттуу көрүндү, көзүнө жаш албай, санаага жеңдирбей, бек отурду* (Байтемиров). 3. Эр жүрөк, эч нерседен тайманбаган, коркпогон баатыр. *Табылды эл таламын талашкан кайраттуу – азамат боло баштайт* («Эр Табылды»). *Жумушкер, дыйкандар өз араларынан кайраттуу кызыл аскер курап келген* («Эркин тоо»). 4. Катуу, жумшак эмес (мис. чач, кыл ж.б.). *Чачы калың жана кайраттуу* (Жантөшев). *Кычандын кайраттуу чачы кытырап, мокок устарага күч менен баш ийүүдө* (Бейшеналиев).

**КАЙРАТТУУЛУК** Баатырлык, чечкиндүүлүк, эрдик. *Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр кайраттуулук мүнөз бар* (Айтматов). *Токобай өзүнүн кайра тартпас кайраттуулугу менен элге таанылган* (Каимов).

**КАЙРАТЫ ТАШ ЖАРУУ** Алы, күчүнө ишенүү, бет алганынан кайра тартпоо, бир нерсеге белсене киришүү. *Алп күчүм, таш жарган кайратым менен мен ушунча кордуктамын* (Сыдыкбеков).

**КАЙРАШ: тиш кайрашуу** Бири-бири менен каршылашуу, душман болушуу, кекенишүү, жек көрүшүү.

**КАЙРАШТЫР** 1. Эки куралды бири-бирине кайрап курчутуу. *Эки бычакты кайраштырып курчутуу.* 2. Бирин бирине тукуруу, эрегиштирүү, бирин бирине көкүтүп, нааразылык туудуруу. *Кайраштырып сөз айтып, Жаатчыл кылды элимди* (Токтогул).

**КАЙРИДИН** *туурасы:* **кайырдин.**

**КАЙРИЕТ** Шүгүр, кудайга тобо, кудай сактады маанисинде. – *Кайриет... аман-соо калдык, бир жерибиз сынып, же бирөөбүз, же аттарыбыздын бири жаздым болсо кантмекпиз* («Ала-Тоо»).

**КАЙРОО кайра II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙРУУ I кайры I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙРУУ II** Баш кийимдин, багелектин, жендин ж.б. сыртын карай түрүп кайрылган жери.

**КАЙРУУ III** Ырдын же күүнүн белгилүү саптарынан, бөлүмүнөн кийин кайталануучу, кайталанып аткарылуучу бөлүгү, ыр саптары. *Күүнүн кайруусу. Ырдын кайруусу.*

**КАЙРЫ I** 1. Бара жаткан багытынан имерип келүү, айдап келүү. *Эчкилерди кайрып келе жатып койчу бир «кара ташты» көрдү* (Сасыкбаев). *Калмак тийген жылкыны Аман кайрып калганбыз* (Жантөшев). 2. Үзүү, толгой кармап, имерил, үзүп алуу. *Апа, мынча неге эрте кайрыдыңыз, жүгөрү али быша элек* («Жаш ленинчи»). 3. Толгоп жиберүү, имерүү. *Колун аркасына кайрый салуу.* 4. Бир нерсенин учун, четин имерип коюу, ичин же сыртын карай ийирүү, бүктөө же жапыруу. *Чоң эне ак шейшептин жакасын кайрып, жууркандь кымтып койду* (Сыдыкбеков). *Эки этегин кайрыптыр, Абакеңиз эр Кошой, Элге табак айтыптыр* («Манас»). *Эне уйпаланган чачын сылап, желкесине кайрыды.* (Байтемиров). *Ийненин учун кайрып салган экенсиң ээ!* («Ала-Тоо»). 5. Кайра кайтарып берүү. *Жолдош алган буюмун кайрыды. Алган акчасынан беш сомду кайрып берди.* 6. Обондун, күүнүн белгилүү бөлүгүн кайталап аткаруу. *Бек обонду ичинен гана чолок кайрыйт* (Каимов). *Илинип турган үч кылдуу комузун алып, азыр эле черткен күүнүн өзүн кайрый баштады* (Каимов).

**КАЙРЫ II каары** менен бирдей.

**КАЙРЫДИГЕР** Башка, бөлөк. *Улуу Алай чыгып жайласаң, Анжыянга кыштасаң, Кайрыдигер мейманды, Кан уулундай сыйласаң* (Эл ырлары).

**КАЙРЫДИН** Башка дин, бөлөк дин, ислам дининен бөлөк дин.

**КАЙРЫК I кайруу II** менен бирдей. *Төмөнтөн келе жатат бир жай киши, Башында кайрыгы чоң жыртык калпак* (Абдырамaнов).

**КАЙРЫК II кайруу III** менен бирдей. *Токтогулдун токсон кайрык күүлөрүн, Домбураңа толгой тартып ырдадың* (Токомбаев). *Зардалын козгоп жүрөктүн, Так сүйлөп комуз кайрыгы* (Бөкөнбаев).

**КАЙРЫКЕР** Бирөөгө кайрымдуулугу бар боорукер. *Элдин даңкы, элдин уулу, Улуу талант кайрыкер* (Токомбаев). *Карыптарга кайрыкер, Бечарага боорукер* (Токтогул).

**КАЙРЫЛ I** 1. **кайры I** этишинин туюк мамилеси. 2. Кандайдыр бир маселе боюнча бирөөгө өтүнүчүн, суроосун айтуу, сүйлөшүү, кеп салуу. *Ар ким, ар ким сизге өтүнүч менен кайрыл деп, мага кеңеш беришти* («Чалкан»). *Бир нерсе жөнүндө Алымкул өзүнүн курбусуна кайрылды* (Абдукаримов). 3. Бирдеме берип каралашып туруу, бирөөнүн турмушуна, оокатына кам көрүп, жардам кылуу. *Ага-тууган кайрылса, Алабалы мол бекен?* (Токтогул). *Өзөктөшүң болбосо,*

*Өзөрсөң душман кайрылбайт* («Курманбек»). 4. Бара жаткан багытынан, жолунан бурулуп, тие өтүү, кездеше кетүү, бурулуу. *Тайлак аттарын айылдын четине токтотуп, топко кайрылды* (Каимов). *Карып үйүнө кайрылбай эле, Алымкулду көздөй жөнөдү* (Абдукаримов). 5. Мурдагы жерине, жайына же кандайдыр бир нерсеге (ишке, маселеге) кайрадан келүү, кайрадан токтолуу. *Туулган жерден туз-даам буюрса, кайрылып келермин* (Сыдыкбеков). *Кайрылып кайра ар жылы, Конокко келип тура көр* (Үмөталиев). *Бул маселеге экинчи кайрылбайлы деп, биротоло бүтүрө кеткен элек* («Ала-Тоо»).

**КАЙРЫЛ II** *диал.* **каарылуу** менен бирдей.

**КАЙРЫЛУУ кайрыл I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙРЫЛЫШ** 1. Имерилиш, бурулуп, кайрылып өтө турган жер, бурулуш. *Эки жолдун айрылыш Эки суунун кайрылыш* («Манас»). *Кайырмакты алышып, Кайрылыш жерге салышып* (Осмонкул). *Кашкардын тоосу кайрылыш, Кайрылып учат улуу куш* (Токтогул). 2. **кайрыл I** этишинин кош мамилеси.

**КАЙРЫМ I** Бирөөгө көрсөткөн жакшылык ырайымдуулук, кайыры барлык, карамдуулук, боорукерлик. *Кайрымы жок уулдан көрө... дешип, бир даары тим эле үлөгөр кылып алышты* («Ала-Тоо»).

**КАЙРЫМ II** Кайрык, кайруу (күүгө, обонго карата). *Мураталы «Ак тамактын» башкы кайрымын угуп, ошончо бааласа, баарын уккандан кийин эмне дээр эле* (Каимов).

**КАЙРЫМА** Кандайдыр бир үн, обон, күүнү так өзүндөй кылып кайталап черткендик. *Кыл кыякка салып кайрыма тартыптыр.*

**КАЙРЫМАК** *туурасы:* **кайырмак.**

**КАЙРЫМДУУ** Боорукер, кайрымы бар, күйүмдүү. *Кайрымдуу эненин мээримине ийибеген жан болобу* («Ала-Тоо»).

**КАЙРЫМСЫЗ** Ырайымы жок, таш боор, адамга кайрым кылбаган, ырайымсыз. *Сен далайды өткөрдүң, Туткундукту көп көрдүң; Кайрымсыздын колунан, Кандуу таяк жеп көрдүң* (Токомбаев).

**КАЙРЫТ кайры I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙСА** 1. Кыйрата чабуу, жок кылуу, талкалоо, жайлап салуу. *Кылычтан курч кыл кыйма, Кайсаганын жайлаган* (Токтогул). *Кайсаганы мүрт кетип, Кара болот албарсмын* («Мендирман»). *Кулчорону көргөндө, Азыр кайсап салуучу, Түрү келди Кыяздын* («Сейтек»). *Карагай, калың токой черлери бар, Кайсаса жан койбогон шерлери бар* (Калык). 2. Аймап-жаймап жиберүү, жеп коюу. *Максым жамбаштын май аралашкан кара кесек этин арыдан бери кайсап жиберди* (Жантөшев).

**КАЙСАК I** Орусча бузулуп айтылышы, казак. *Кыргыз-кайсак даласын сыдырып өттү* (Касымбеков).

**КАЙСАК II** *диал.* Кайсы жак. *Кап, ат болсо болот эле, эми кайсагына темтеңдейм* (Сыдыкбеков).

**КАЙСАКТА** Жан жагына каранып, кайсандоо, эмне кыларын билбей карбаластоо, шашкалактоо. *Кемпир кайсактап, шыңга бойлуу кишиден көзү өттү* (Бектенов). *Чалкалмак издеп кайсактап, Карап жүрөт чуратып* («Эр Табылды»).

**КАЙСАКТАТ кайсакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙСАКТОО кайсакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙСАЛА** 1. Бир нерсе издеп темселөө, таба албай убаралануу. *Ары кайсалап, бери кайсалап отуруп, баягы буюмумду таба албай койсом болобу!* («Ала-Тоо»). 2. Шашкалактоо, шашканынан эмне кыларын билбей калуу, шаштысы кетип карбаластоо. *Чернов кайсалап барып, кагаз менен каламды алды* (Жантөшев). *Тергөөчүнүн үнү туттугуп, тили байланып, эмне кыларын билбей кайсалап отуруп калды* (Жантөшев). *Зуура ансайын кайсалап, сырын айта албай: – Чурка, Салмаш, сууга! – деди* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Кайсоо, жок кылуу, жайлап таштоо. *Жакыныраак келгенин, Ач албарс менен кайсалап* («Манас»).

**КАЙСАЛАКТА кайсаланда** менен бирдей. *Орозмат эмне дээрин билбей, кайсалактады* (Айтматов).

**КАЙСАЛАНДА** Эки жагын каранып кайсандоо, элең-элең этүү.

**КАЙСАЛАНДАТ кайсаланда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙСАЛАНДОО кайсаланда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙСАЛАТ кайсала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙСАЛОО кайсала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙСАНДА кайсакта** менен бирдей. *Садыр карыя анын эмне айтканына түшүнө албай, тыяк-быякты кайсаңдай карап алды* (Убукеев). *Шекер кайсаңдап тура калды* (Касымбеков).

**КАЙСАР** Бир ишти бүтпөй жатып экинчисине киришкен чалагайым, шашма, токтоолугу жок.

**КАЙСАТ кайса** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙСОО кайса** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙСЫ** Бир нерсе жөнүндө аныктап, тактап суроо үчүн колдонулат. *Ашыккан Зарыл: «Ал кайсы киши? Ал ким? – деп суроого да чамасы келбейт* (Сыдыкбеков). *Кайсы уулу деп өлкөнүн, Жердин жүзү сурасын!* (Турусбеков). *Табылды кайда, айтып*

*бер, Таштаган жериң кайсы жер?* («Эр Табылды»). *Кайсы күнү ким жазды экен атымды, Жаш теректин аппак күмүш денине* (Токомбаев).

**КАЙСЫ БЕТИ МЕНЕН** «Кантип уялбай...» деген мааниде. *Коммунадан чыгарып койсо, кайсы бетибиз менен барабыз деп санааркайт* (Ашымбаев). *Убадасын аткарбай кайсы бети менен эл аралап жүрөт* («Кут билим»).

**КАЙСЫ ЖЕРИНЕН ЖАЗУУ** Кандайча жаңылыштык кетирилди, эмнеликтен ушундай болуп калды деген мааниде айтылат. *О кудай!... Кайсы жеримден жаздым эле? Көрсөтөрүң ушул беле?* (Тойбаев).

**КАЙСЫ ШАМАЛ АЙДАП КЕЛДИ** Кантип келип калдың, эмне себеп менен келдиң (көбүнчө көпкө көрүнбөй жүрүп келип калган кишиге карата айтылат). – *Келиңиз, доктор, келиңиз, сизди кайсы шамал айдап келди биз жакка?* (Сыдыгалиев). *Келчү эмес элең, сени кайсы шамал айдап келди?* («Ленинчил жаш»). – *Сени кайсы шамал айдап келди, абышка?* (Жигитов). *Оо, ким десе, сиз белеңиз? Бу Чоң-Ташка кайсы шамал айдап келди сизди?* (Егиналиев).

**КАЙСЫЛ кайсы** менен бирдей.

**КАЙТ I** 1. Келген жагына кайра жөнөп кетүү. *Сапар шахтадан күндөгүдөн кеч кайтты* (Сасыкбаев). *Сейилдиктен кайткан кыз-келиндер жалгыз аяк жолдо, кызыл-тазыл болуп чубап келатышат* (Сыдыкбеков). *Бешим ылдый, күн бата Базардан кайтып калды эми* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Жумшалган, сарп кылынган нерсенин (эмгектин, мээнеттин ж.б.) үзүрү көрүнүп, ийгилиги болуу, пайда чыгуу. *Эмгегиң кайтып, көңүлүң көтөрүлсө экен, балам* («Ала-Тоо»). *Мээнетибиз кайтты – үйлүү-жайлуу болдук, мал күттүк* (Айтматов). *Силердин да акыбетиңер кайтып, жакшы болгон тура* («Ала-Тоо»). 3. Адепки абалынан төмөндөп кетүү, басандай түшүү, мурдагысындай болбоо. *Күн уламдан-улам төмөндөп, илеби кайтып, Ала-Тоонун чокусуна жакындай берди* (Баялинов). *Мурдагыдай болбой, күүдөн-күчтөн кайтып калган кезимде мени курулай тамтаңдата бербегилечи* («Ала-Тоо»). 4. Айткан, деген сөзүнөн, берген убадасынан жануу, баш тартуу, сөзүндө, убадасында турбоо, айтканын кайра алуу. *Айтканынан кайтпаган – жигиттиктин белгиси* (Каимов). *Убадаңдан кайтарыңды билсем мен сенин эсебиңди мурда эле таап коймокмун, ага сен ишенип кой* («Чалкан»).

**КАЙТ II: көңүлү кайт болуу** Көңүлү калуу, иренжүү.

**КАЙТА** Кайра, кайра баштан, кайрадан. *Малчылар таңга жакын кайта чогулушту* (Убукеев). *Аны кылбай турган болсоң, ушул жерден кайта кет* (Токомбаев). *Бул ишке эртең кайта киришмей болбодукпу* («Чалкан»).

**КАЙТАДАН** Кайра баштан, кайрадан, дагы кайра. *Кайтадан баштала турган иш экен да* («Ала-Тоо»). *Кайтадан кайта эле мени тоной бербегилечи* («Чалкан»).

**КАЙТАЛА** Иштелген, аткарылган же айтылган, кеп кылынган нерсени кайрадан жасоо, кайталап чыгуу, ошол эле аракетти кайрадан баштоо дагы кайтаруу. *Бир айткан окуясын күнүгө кайталайт* (Жантөшев). *Баштыктын оозун эки-үч кайталап, шоона менен кайып таштады* (Байтемиров). *Динар аңгемени экинчи кайталап окуй баштады* (Сыдыкбеков).

**КАЙТАЛАМА** Кайталанып турма, кайта-кайта болуп туруучу, кайталанган.

**КАЙТАЛАН кайтала** этишинин өздүк мамилеси.

**КАЙТАЛАНГЫС** Турмушта сейрек учуроочу, дагы кайта боло бербеген, экинчи учурабай турган. *Жаш авторлор Тянь-Шандын кайталангыс кооз жерин кыдырып, аны сүрөткө тартышкан* («Советтик Кыргызстан»). *Мындай окуя экинчи кайталангыс болуп, биротоло тыйылса экен* («Ала-Тоо»).

**КАЙТАЛАТ кайтала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙТАЛАШ кайтала** этишинин кош мамилеси.

**КАЙТАЛОО кайтала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙТАР** 1. Бир нерсени ар кандай коркунучтан, кол салуудан (уруудан, душмандан ж.б.) сактоого камкордук кылуу, көздөө, кароо. *Апам мени үй кайтарып зерикти десе керек* («Жаш ленинчи»). *Малчылардын жакшысы, Малын аман кайтарган* (Осмонкул). *Советтик чекти кайтарып, Жеңилбес кызыл эр турат* (Үмөталиев). *Эртеси мен үй кайтарышканы кеттим* (Усубалиев). 2. Алган же берген нерсенин кайрып берүү же алуу. *Кайтарып бергин калыңын, Намыс ишке карасаң* (Токтогул). *Албаймын деп шакекти, Же кайтарып берген жок* («Мендирман»). 3. Дагы кайталоо, кайталап чыгуу. *Эмнеси болсо да, кайтарып бир айтып көрөйүнчү* (Токтогул). *Бул романдын үзүндүсүн эки кайтарып окуп чыктым* («Ала-Тоо»). 4. Сураганын, айтканын орундатпай, бирөөнү капа кылуу, шагын сындыруу, көңүлүн оорутуу. *Барбаймын деп айта албай, Абаңдын сөзүн кайтарбай* («Эр Табылды»). 5. Кайта артка кетирүү, чегинтүү, күчүн, мизин майтаруу. *Взвод душмандын жасаган чабуулдарын кайтарып турду.*

**КАЙТАРА** 1. Дагы кайрадан, экинчи ирет кайталап. *Күүсүн эки-үч кайтара чертти* (Бөкөнбаев). *Азыраак сурап кайтара, Ишимди салды оңуна* (Токтогул). 2. Артын карай, чегинте мизин кайтарып. *Кайтара*

*куул баарысын, Кайраттуу Олжоң жеңди эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КАЙТАРМА** 1. Туш тарабы тик келип, мал чыгып кете албагыдай болгон тоо ичи. 2. Тоо айбандарынын ар кайсы жактан айланып келип бир жерге токтой турган жайы. 3. Күрөшкөндө биринчи адам экинчи кишини оң бутунан чалса, экинчиси беркини сол бутунан чалып, белден оң кол менен алып, өзүн көздөй тартып, сол кол менен оң ийинди басып же түртүп жыгуунун ыгы. *Керим Авазды кайтарма менен жыкты.*

**КАЙТАРТ кайтар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙТАРУУ кайтар** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙТАРУУСУЗ** Кароосуз, кайтара турган кишиси жок. *Калың уюм бут бойдон, Кайтаруусуз калмакпы?* («Эр Төштүк»).

**КАЙТАРУУЧУ** 1. Бир нерсени кароолдоп, көздөп туруучу, кароолчу. *Сарайды, кампаны кайтаруучу киши дүкөнчү.* 2. Малды көздөгөн, мал жайып, кайтарып жүрүүчү адам, малчы. *Ат кайтаруучу. Музоо кайтаруучу.*

**КАЙТАРЫЛ кайтар** этишинин туюк мамилеси.

**КАЙТАРЫШ кайтар** этишинин кош мамилеси.

**КАЙТКЫС** Кайтып келгис, кайрылгыс, экинчи кайталанбас.

**КАЙТООЛ** Бир нерсенин кайра кайталанышы (мис. оорунун).

**КАЙТООЛДО** Кайра кайталануу, өөрчүү, кайтадан башталуу. *Эски дарты кайтоолдоп калыптыр.*

**КАЙТТЫР кайт** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙТУУ I** Жер кароо, жол чалуу иши, чалгын.

**КАЙТУУ II кайт** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙТУУЛА** Жол чалуу, жер көрүү, чалгындоо. *Чалкалмак мени көргөн го, Жер кайтуулап, жол салган, Жоодон калган мерген го* («Эр Табылды»).

**КАЙТЫШ** Келген жагын карай кайтуу, жөнөө учуру, кетер маалы. – *Кайтыш качан? – деп сурап калдым* («Чалкан»).

**КАЙТЫШ БОЛУУ** Өлүү, каза табуу, жарык дүйнө менен коштошуу. *Сапарбай таңга маал кайтыш болду* (Сыдыкбеков).

**КАЙЧЫ** 1. Бири-бирине кайчылашкан эки жаагы менен бир нерсе кесүү, кыркуу үчүн колдонула турган үй буюму, курал. *Бүлөө, кайчы, жуушаң кармап булунуп, Белсенишет билектерин түрүнүп* (Осмонкул). *«Жок дешет,– жан кызыгар кыз эмес, Сайма сайып, кайчы кармар уз эмес»* (Борбугулов). 2. Бирине бири туура келбеген, окшоштугу, жалпылыгы жок, эки башка. *Кайчы пикир. Сөздөрү кайчы келүү.* 3. Каршы-терши, бирине экинчиси кайчылашкан абалда. *Эки колун артына кайчы байлап коюп, таштап кете беришкен экен* («Ала-Тоо»).

**КАЙЧЫ КУДА** Бири-биринен кыз алышып, кыз беришкен кудалык. – *Соке, тагдырдын буйругу менен, биз сиз менен эми кайчы куда болуп калдык* («Кыргызстан маданияты»).

**КАЙЧЫ КУЛАК** Ичке, тик келген кулак. *Кайчыдай кайчы кулак, жибек жалдуу, Бир топ бар желе сайын мындай кулун* (Үмөталиев).

**КАЙЧЫ ӨТҮШҮҮ** Бирине бири кез келбей учурабай, каршы өтүп кетүү.

**КАЙЧЫЛА I** Кайчы менен кесүү, кыркуу. *Кагазды кайчылап кесүү.*

**КАЙЧЫЛА II** Бирине экинчисин кайчылаштырып коюу, кайчы абалга келтирүү, каршы-терши кылуу.

**КАЙЧЫЛАШ** Бирине бири кайчы келүү. кайчылаштырылган абалда болуу. *Таяктар бири-бирине кайчылашып, боз үйдүн керегесинде кыстарылып турган эле* («Ала-Тоо»).

**КАЙЧЫЛАШТЫР** Биринин үстүнө бирин кайчы келтирип, каршы-терши кылып коюу. *Ашыр болсо эки колду столдун үстүнө кайчылаштыра төшөп, ээгин муштумуна такап угуп жатты* (Сасыкбаев). *Аттардын бири кулактарын кайчылаштырып, селтең басат* (Сыдыкбеков). *Эне эки колун артына кайчылаштырып, үйүн көздөй басты.* («Ала-Тоо»).

**КАЙЧЫЛАШТЫРУУ кайчылаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЧЫЛАШУУ кайчылаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЧЫЛОО кайчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙШАЛАКТА кыйшалакта** менен бирдей.

**КАЙШАЯК** *туурасы:* **каяшаяк.**

**КАЙЫ I** Жыныстык катышта болуу (төөгө карата).

**КАЙЫ II** 1. Материалды бири-бирине каттап, арасын ачык калтырбай, текшилеп тигүү. *Баштыктын оозун эки-үч кайталап шоона менен кайып таштадым* (Байтемиров). 2. Бир нерсенин үстүнөн же жанынан тиер-тийбес болуп кайкып өтүү. *Чабалекейлер канаттарын күүлөшүп, зоокалардын бетинде кайып учушат* (Баялинов). *Бирок топ тийбестен, кайып кетти* («Ала-Тоо»). *Бактектер эки-экиден кубалашып, жер менен кайып учуп, суу ичкени барышат* (Байтемиров). 3. Жер чалуу, чалгындоо. *Акыл ийлеп, ой ойлоп, Ара тосуп, жер кайып* («Сейтек»).

**КАЙЫГУУ кайык III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЫК I** Кайып тигилген тигиш.

**КАЙЫК II** Эки жак капталынан калак менен шилөө аркылуу, мотор же желге ка-

рата тосулган парустар аркылуу жылып, сууда сүзүп жүрүүгө ылайыкталып жасалган унаа каражаты. *Жел кайык, Моторлуу кайык. Баженов үй-бүлөсүн кайыкка салып, Караколду көздөй бет алды* (Каралаев). *Бирге жүрдүк, бирге жайлап, бир айлап, Кайык минсек, сен отуруп, мен айдап* (Осмонов). *Казыкка байлануу кайыктар толкундун экпини менен четке серпилет* («Ала-Тоо»).

**КАЙЫК III** Катуу үшүү, калчылдоо, тоңуу. *Суукка кайыгып өлө турган болдук* (Байтемиров). *Кайыгып кеткен турбайсыңбы?* (Сыдыкбеков). *Азиз акеңи чакырчы, кайыгып калган чыгар* (Жантөшев).

**КАЙЫК IV** Ат жабдыктарын жасоодогу узануунун бир ыкмасы.

**КАЙЫКТЫР кайык** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙЫКЧЫ I** Кайык айдоочу, кайык пристанында иштөөчү адам. *Кайыкчы күлүмсүрөп алыс карайт, Дембедем канжасынан түтүн булап* (Маликов).

**КАЙЫКЧЫ II** Кайышты беттеп кайыган чебер.

**КАЙЫЛ I** Эмне кыйынчылык, азап-тозок болсо да көтөрүүгө макул, бардыгына ыраазы. *Турдукан чымын-чиркей чыңылдап, бети-башын чакканга кайыл* (Бейшеналиев). *Эргеш чарчаганына кайыл, өтө шашылыңкы* («Ала-Тоо»). *Буту-колум ташка тийип айрылды. Анима кайылмын, иши кылып төмөн жакка батыраак жетсем дейм* («Ала-Тоо»).

**КАЙЫЛ II кайы II** этишинин туюк мамилеси.

**КАЙЫМ АЙТЫШУУ** 1. Бирине бири жооп берип, биринен кийин бири улантып кезек менен аткарыла турган ыр, кошок. *Калык менен Осмонкулдун кайым айтышканы.* 2. Бирине бири жооп кылып, биринин сөзүн бири узатпаган чырлуу айтыш, тартыш. *Аңгыча Борис менен Шура кайым айтыша кетти* (Байтемиров). *Кой дедим коомай күймөлдүң, досум, Каяша, кайым сүйлөдүң, досум* (Осмонов).

**КАЙЫН** Кайны, аялдын күйөө тарабындагы, күйөөнүн аял тарабындагы ата-энеси, ага-туугандары. *Биздин кайындардын тойго көп кошумча менен келиши ага-туугандардын алдында менин мартабамды көтөрүп кетпейби* («Чалкан»). *Анан дагы бир күнү ырдагам, Күйөөлөп барып кайынга* (Шүкүрбеков).

**КАЙЫН АГА кайнага** менен бирдей.

**КАЙЫН АТА кайната** менен бирдей.

**КАЙЫН ЖЕҢЕ** Аялынын жеңеси, аялына жеңелик жакындыгы бар аялдар.

**КАЙЫН ЖУРТ** Аялынын төркүндөрү, эл-журту.

**КАЙЫН ИНИ кайни** менен бирдей.

**КАЙЫН СИНДИ** Күйөөсүнүн карындашы, күйөөсүнө карындаштык жакындыгы бар кыздар же аялдар.

**КАЙЫН ЭЖЕ кайнеже** менен бирдей.

**КАЙЫН ЭНЕ кайнене** менен бирдей.

**КАЙЫНДА** 1. Эки жашты баш коштуруу үчүн салтка ылайык кудалашуу, баш байлоо кылып коюу. *Кайындап койгон күйөөсү бар* (Сыдыкбеков). *Кайындап күйөө сүрдүрүп, Калктын наркын билдирип* («Олжобай менен Кишимжан»). – *Калыңынан качпасын, кайындап алып берсин! – деди* (Убукеев). 2. Кайнына барып, колуктусу жана анын ата-энелери, туугандары менен көрүшүү, алардын макулдугуна, сынына толуу. *Күйөө барып кайындап, Күйөөлүгүн дайындап* (Тоголок Молдо). *Кайныңа теңтуш Солтобай, Жүрсөм дейт го кайындап* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Үйлөнгөндөн кийин күйөөнүн кайын журтуна баруусу, катташуусу.

**КАЙЫНДАТ кайында** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙЫНДОО кайында** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЫНДУУ** 1. Кайын күткөн, сүйлөшүп, кайындап койгон жери бар. 2. Кайын-журттуу, кайындары көп (күйөөгө карата).

**КАЙЫНСААК** Өз туугандарына караганда кайындарын, кайын жак тарапты көбүрөөк урматтаган, кайындары менен көп катышта болгон (эркектерге карата айтылат).

**КАЙЫҢ** Ак кабыгы бар жалбырактуу дарак. *Мында карагай, кайың, талдар бар* (Убукеев). *Барсам кайың жаңы көктөп турган кез* (Калык). *Коктуларынан салаалап аккан тунук булак, жээктеринде түрдүү тал, түркүм терек, ыкшалган кайың* (Жантөшев).

**КАЙЫП I** 1. Алданын өзүнө гана белгилүү (эч бир жандын акылы жеткис), көзгө илээшпеген, көрүнбөгөн жашыруун абалы. 2. *дин.* Көзгө көрүнбөй кубулуп жүрүп колдоочу кереметтүү күчтөр. Мис. Кырк Чилтен, Кызыр (Кыдыр) Илияз. 3. Кереметтүү көзгө илээшпеген колдоочуга айлануу: «Манас» үчилтигинин айрым оң каармандары (Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро), жаныбарлары (Акшумкар, Кумайык, Тайбуурул) кайып болгону – өлбөй тирүү калышып, жер кезип, көңүлдөрү сүйгөн адамдарга кезиккенде колдоо көрсөтөрү айтылат. 4. Кереметтүү жаралуу: айрым каармандар (Айчүрөк, Арууке, Көкмончок ж.б.), айрым жаныбарлар (мис. Тайбуурул) Кайыптын тукуму, же кайыбынан табылат (Акшумкар, Кумайык, айрым тулпарлар). *Кайыпка катар ат минген* («Манас» С.К.). *Кашайган тулпар Керкулун, Кайыптан бүткөн жылкы эле. Элемандын Төштүккө, Кайыптын баары болду кез!* («Эр Төштүк»). *Касиеттүү жер эле, Карылардын сөзүндө Кайыбы бар дээр эле* («Эр Табылды»). 6. Ки-

йиктердин жалпы аты, наамы, кайберен. *Кайып жүрчү тоолорду, Качырата басалык* («Семетей»). *Кароолуңа илинбей, Качкан кайып аттырбайт* (Токтогул). *Кайыптар оттоп төлдөгөн, Албан түрлүү чөбү бар* (Тоголок Молдо).

**КАЙЫП II кайым II** менен бирдей. *Андай-мындай, дегиче, Ачып көздү жумгуча Жанындагы ак сакал, Көздөн кайып болгондо* («Манас»).

**КАЙЫП БОЛУП КЕТҮҮ** Тез эле көрүнбөй калуу, тез эле жок боло түшүү. *Артымдан калбай кыйла жерге канаттуу немедей көзүмө көрүнүп олтурду да, анан кайып болуп кетти* (Медетов). **В.: Кайып болуу.** *Бир кишиге көрүнбөй, кайып болду Ак шумкар* («Манас»). *Кайып болгон адамды, Калк ичинен мен көрдүм* («Эр Табылды»). *Өлүп, сөөгү табылбай, Кайып болду деп уктум* («Сейтек»). **Жел кайып болуу.** *Кылмышкер жел кайып болсо да, аны табам, – деп Омор бак арасынан кетпеди* (Сыдыкбеков).

**КАЙЫР I** 1. Бирөөгө карата болгон мээрим, ырайым, жакшылык. *Кедейлердин түбү кайыр, жан балам* (Токомбаев). *Азек-мазек сөз айтсак, Кайыр элек, кыз бала* (Тоголок Молдо). *Кетериңде, дүнүйө, Кайрылып карап койбогон, Кайыры жок байдайсың!* (Токтогул). 2. Тиленчиге, дубанага берилүүчү садага, жардам. *Ушинтип тентиреп, Ар кимден кайыр жыйнадым* («Мендирман»). *Кайыр үчүн ак уруп, Эл аралап жүрөсүң* (Жантөшев). *Эл кыдырып кайырды, Сурап келе жатамын* (Токтогул).

**КАЙЫР II кайры I** менен бирдей.

**КАЙЫР III** Бир жакка жөнөп кетер алдында, жол жүрөрдө коштошуу үчүн айтылат. – *Кайыр! Сиз да саламат болуңуз!* (Жантөшев).

**КАЙЫР КОШ кайыр III** менен бирдей. *Тейитбек хан, ата эмес бир кургур, Өткөн кылым, теңсиз заман кайыр кош!* (Закирова).

**КАЙЫР-САКАБАТ** Бечара – карыптарга садага берүү, колунда жокторго кайрылуу. *Артыңда калган перзенттерди дайыма куран окуп, кайыр-сакабат бергендердин мындагы ата-энелери бейиш төрүндө гүлперилер жанында* (Мавлянов).

**КАЙЫРДИГЕР МЕЙМАН** Башка, бөлөк, бир жактан келген мейман (конок) деген мааниде. *Улуу Алай чыга жайласаң, Анжыянга кыштасаң. Кайырдигер мейманды, Кан уулундай сыйласаң* (Эл ырлары).

**КАЙЫРДИН** 1. Башка диндеги, дини буруу адам. 2. Адамга мээрими жок, ырайымсыз. *Силердей кайырдинге баладан да дүнүйө артык* («Ала-Тоо»).

**КАЙЫРДИНГЕ КОШУУ** Дини жат адамга кошуу. *Мейли мени кайырдинге кошуп кой, Бирок мени ашыгымдан бөлбөгүн* (Токомбаев).

**КАЙЫРДУУ кайырлуу** менен бирдей. *Арты кайырдуу болуп ишиң оңолуп кетер* («Ала-Тоо»). *Жакшы ишке, кайырдуу сапарга бараткан экенсиң!* (Убукеев). *Кайырдуу болуп кудурет, Калтырба муңга-санаага* (Казыбек).

**КАЙЫРДЫ ЧАЙЫР КЫЛУУ** Жакшылыкты жамандык менен жокко чыгаруу, жакшылыктын аягын жамандыкка айландырып жиберүү.

**КАЙЫРКЕР** Бирөөгө кайрымдуулугу, боорукерлиги бар. *Кайыркер болсоң канаттуу, Капаста жанга келе кет* («Советтик Кыргызстан»).

**КАЙЫРЛУУ** Кайрыкерлиги бар, кайрымдуу, боорукер. *Карыптарга боорукер, Кайырлуу жагы дагы бар* (Токтогул). *Калың элди аралап, Картайсаң да биздерге, Кайырлуу бол саламат* (Тоголок Молдо).

**КАЙЫРМА I** 1. Кайрып коймо, кайрылма. *Кемсели жибек баркыттан, Келишкен жакаң кайырма* (Токтогул). *Кайырма жака түлкү ичик, Желбегей салып жамынып* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Музыкалык чыгарманын, ырдын бир нече жолу кайталануучу, кайталанып аткарылуучу бөлүгү, кайруусу.

**КАЙЫРМА II** Жапайы өрдөктүн эркеги.

**КАЙЫРМАК** 1. Учуна жем сайып балыкты илинтүүгө ылайыкталган иймекей ичке темир. 2. Ошол темирди узун боого байлап, таякка же узун чыбыкка бириктирип жасаган балык кармоочу курал. *Кайырмак, мылтыктарды көтөрүп көлдү жакалай жөнөдүк* («Ала-Тоо»). *Жумушчулардын экинчи тобу көк майдандуу жээкке топтошуп, кайырмак сала башташты* (Жантөшев).

**КАЙЫРМАК САЛУУ** Бирөөнү колго түшүрүүгө, чалынтууга аракет жасоо. *Кайырмак салганын анан билип калыптыр* («Чалкан»).

**КАЙЫРМАККА ИЛИНҮҮ** Бирөөнүн колуна түшүү, торуна чалынуу, тырмагына илинүү. – *Акең экөөбүз ойлодук: эми алар кайырмакка илинди го деп* (Жантөшев). *Жалий тигил элпек жөнөгөнчө мулуңдай, дагы бирөө кайырмагына илингенине кымылдай обон салды* (Бейшеналиев). *Тергөөчүлөр Мааты менен Адылдын кайырмагына илинди го десек, жок илинбеди* (Жантөшев).

**КАЙЫРМАККА САЯР ЭТИ ЖОК** Өтө арык, арыктап бүткөн, териси менен сөөгү бар. *Асандын кайырмакка саяр эти жок* («Ала-Тоо»). **В.: Шишке саяр эти жок.** *Өзү жүдөө, өлө турганга окшоп, Шишке саяр эти жок* (Борбугулов).

**КАЙЫРСЫЗ** Кайрымы жок, мээримсиз, таш боор. *Каршы-терши бомбалап, Кайырсыз жору канкорго, Кан төгүп ойрон салабыз* (Токомбаев). *Кайырсыз, таш боор адамча мамиле кылбай, адамга мээримдүү болуу керек* («Ала-Тоо»).

**КАЙЫРЧЫ** Кайыр сурап, тиленчилик кылган адам. *Календерге тай берди, Кайырчыга кой берди* («Эр Табылды»). *Алдалап чуркап бастырбай, Кайырчы менен шайыгы.* (Токомбаев).

**КАЙЫРЧЫЛЫК** Кайыр сурап күн көрүүчүлүк, суранып-тиленип оокат кылуучулук. *Неге унутайын байыркы бир кайырчылык күнүмдү* (Элебаев).

**КАЙЫРЫН ЧАЙЫР КЫЛУУ** Жакшылыкты жамандык менен жокко чыгаруу, кылган жакшылыгынын аягын чыр-чатакка айландырып жиберүү. *Так ошолор кайырын чайыр кылып жатканын көрмөксөң болосуңар ээ!* (Бектенов). *Кайырды чайыр кылдың кантейин, – деп, күйүп-бышып отурат* («Чалкан»). *Же бой кезинде эптей, же балдарың бой тартканга жетпей, ара жолго таштап, кайырды чайыр кылдың* («Чалкан»).

**КАЙЫТ I кайы I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙЫТ II кайы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙЫШ I** Малдын же башка ири айбандардын терисинен ийленип даярдалып, ат жабдыктарын (жүгөн, куюшкан, басмайыл ж.б.) жасоо, кур же бир нерсеге боо кылуу, бир нерсени каптоо ж.б. үчүн колдонулуучу материал. *Кайыш жүгөн. Кайыш боо. Эки эли кайыш кур менен Досунун белин курчады* (Осмонкул). *Сылап-сыйпап үйрөттү, Кайыштан чылбыр сүйрөттү* (Тоголок Молдо). *Жумшак диван Кайыш менен капталган* (Бөкөнбаев).

**КАЙЫШ II** 1. Ийилген, ийрейген абалда болуу, бир жагын карай майышуу. *Капталдан сайды кабылан, Кайышпай койду Коңурбай* («Манас»). *Кайышып эрке желге кыштак багы* (Абдыраманов). *Кайыңды көрсөм конормун, Кайышпай кайың көтөрсө, Как ошо жерде болормун* («Манас»). 2. Ачкалыктан же кандайдыр бир оорчулук келтирген, жанга баткан кыйын, катаал шарттан, оор иштен кыйноо тартуу, азап көрүү, чарчап-чаалыгуу, алдан-күчтөн тайып кыйналуу. *Каяша кылар чама жок, Кайышып турат элибиз* (Токомбаев). *Кубаттуу мыкты ат минсең Кайышып жолдо арыган* (Барпы). *Кайышып турса калайык, Кара мүртө. Канчоро Чөп ордуна көрбөдү* («Сейтек»). *Карыны ачып кайышып, Калыптыр Көкчө майышып* («Манас»). 3. Бирөөгө жаны ачуу, жаны кейип кыйналуу, боору ачуу. *Кайышпагын Искендер, Камалып турса калың эл* (Турусбеков). *Баланын ыйлап, атасын жоктоп турганына кайышпай турган арга барбы* («Ала-Тоо»).

**КАЙЫШТЫР кайыш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЙЫШУУ кайыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЙЫШЧЫ** Кайыш иштеп чыгаруучу, кайыштан буюм жасоочу.

**КАЙЫШЧЫЛ** Чыдамкай, кайыштыра турган ар кандай оорчулуктарга чыдамдуу. *Ит өлөрүндө кайышчыл болот* (макал).

**КАК I** Жемиш багынын же кээ бир бакча өсүмдүктөрүнүн кургатылган мөмөсү. *Өрүктүн кагы. Алманын кагы. Кара өрүктүн кагы, Коондун кагы.*

**КАК II** 1. Суусу кургап, кагырап калган, суу жетпеген (жерге карата). *Келериңде дүнүйө, Мөмөлүү дарак шактайсың, Кетериңде, дүнүйө, Суу жетпеген кактайсың* (Токтогул). *Суу чыкпаган как жерге мал жаймак белек* («Ала-Тоо»). 2. Кургаган, нымы калбай какшып калган. *Как ыргайга саптаган* («Манас»). *Как жыгачтардан даярдалган отун* (Токомбаев). *Барактагы как тактайлуу бойро төшөлгөн нардын үстүндө уйку анчалык таттуу болчу эмес* (Сасыкбаев).

**КАК III** 1. Дал, так. *Көчөнүн как ортосу. Көк жал кашаба иттин как алдынан чыга түштү* (Каимов). *Адистиги ар канча Аткан экен как көзгө* («Манас»). 2. Дал ортосунан, экиге тепетең. *Как жарып кыштак ичин, бак аралап, «Победа» чымынкуюн бара жатты* (Абдыраманов). *Кайнап жаткан калмактын, Как ортосун как жарып* («Манас»).

**КАК IV** 1. Казык, мамы, мык ж.б. учтуу нерселерди уруп киргизүү, житирүү. *Мык как. Казык как.* 2. Тыкылдатып ургулоо, чапкылоо. *Ирина оозун жыйып алганча, сырткы эшикти бирөө какты* (Жантөшев). 3. Бир нерсени (мис, кийим-кечеге жуккан чаңды, чөп-чарды же дарактын жемиштерин ж.б.) күбүп түшүрүү, силкүү, каккылоо. *Айша, алмаңды каксаң боло* («Ала-Тоо»). *Муслимахун үйүнүн алдына суу сээп таарларын кагып салгыча, Маманазар чуркап барып, төрт чай алып келди* (Жантөшев). *Баркалбас дабыш берип үстүн кагат, Күлбөс кыз жылуу-жумшак кабыл алат* (Осмонов). *Жаман кабын кагып, бардыгер унун Каныбек менен Ажар үчүн нан жасоого жуура баштады* (Жантөшев). 4. Өзүнөн алыстатуу, жолотпоо, четтетүү үчүн уруп, чаап жиберүү. *Мурадылдын найзасын Кагып ийип Алмамбет, Төшкө найза салганы* («Манас»). *Бугимов газетаны шарт кагып жиберди* (Сасыкбаев). *Ышкынаалы Батыштын колун кагып ийип, шарт эшикке чыгат* (Байтемиров). 5. Дабыш салыш, үн чыгарыш үчүн бир нерсени ургулоо, каккылоо. *Коңгуроочу аял колундагы коңгуроосун какты* (Баялинов). *Көчөдөн өтүп бараткан пионерлер барабан кагып, дүңгүрөтүп калышты.* («Жаш ленинчи»). 6. Бастыруу же жүрүшүн ылдамдатуу үчүн аттын башын (тизгинин, божусун) силкип, тартып коюу. *Атынын башын кагып, тези-*

*рээк бастырып өтүп кетмекчи болгон Карып капчыгайдын оозунан кармалды* («Ала-Тоо»). *Антон божуларды кагып жиберди эле, аттар катуу таскак менен алып жөнөдү* («Ала-Тоо»). 7. Канатын күүлөп серпүү, шилтөө. *Каркыралар анда-санда канат кагып, катарын бузбай батыш тарапты көздөй жол тартууда* («Ала-Тоо»). *Канат каккан бир да карга, сагызган деген неме көрүнбөй, коктунун ичи тынч жаткан экен* («Жаш ленинчи»). 8. Кашын же ийнин серпилтип көтөрүү, силкинтүү. *Кашын кагып кылыктанган кыз-келиндер. Ийнин кагып, айткан кепке түшүнбөй калган кишидей белги берүү.* 9. Уруп туруу (мис. сааттын маятниги), иштөө, согуп туруу (жүрөк, кан тамырлары ж.б.). *Дубалдагы чоң сааттын чык-чык этип якканы гана үйдүн тынчтыгын бузбаса, биз отурган бөлмөдө шырп эткен дабыш жок эле* («Ала-Тоо»). *Сөз айталбай бөгөлүп, Түрсүлдөп кагып жүрөгү* (Бөкөнбаев). 10. Ооз комуздун тетигин (тилин) колдун учу менен серпилте шилтеп, күүгө келтирүү. *Комуз каккан кыз-келиндер боз үйдүн оң жаккы капшытында отурушту* («Ала-Тоо»). *Туурдук түрүп шыкаалап, Тушунан комуз кагалы* («Курманбек»). 11. Бирөөнүн айткандарын жактырбай, туура көрбөй урушуп коюу, тыйып коюу, десин кайтара сөз айтуу. *Койчу, балам, кайдагы шумдукту айтасың! – деп, Алима уулун кагып койду* (Абдукаримов). *Улууга жаман айтпагын, Кичүүнү тилдеп какпагын* (Осмонкул).

**КАК V** Карга, каз сыяктуу канаттуулардын каркылдап чыгарган дабышын билдирүүдө колдонулат. *«Как» эткен карга, «кук» эткен кузгун жок ээн талаада эмне кыларын билбей, аңгырап басып жүрө береби* («Ала-Тоо»). *Карганын «как» эткени өзүнө кубаныч* (макал).

**КАК БАШ** 1. Көп жашап, куулук-шумдукту билип калган, кексе. *Андай как баштар сага алдатпай калсын* («Чалкан»). 2. Жаман көрүп, наалат айтуу, жек көрүү иретинде (көбүнчө кары кишилерге карата) колдонулат. *Менин айтканым менен болсоңчу, уктуңбу как баш?* (Айтматов). *Бу мен как баш! Эмнени ойлонуп отурам, ыя?» – деп өзүн өзү жек көрдү* (Касымбеков). *Ошо кемпир болгондо какшаган как баш деп бирөөдөн тил укпаган элем* (Абдукаимов). 3. Тукумсуздук, туяксыздык.

**КАК ЧЕКЕ** Жылкы оорусунун аты. *Как чеке болгон тай – ооруп, арыктап жүдөгөн тай.*

**КАК ЭТКЕН КАРГА, КУК ЭТКЕН КУЗГУН ЖОК** Адам жашабаган ээн жер, эч нерсеси жок, элсиз ээн талаа. *Жер ээн, как эткен карга, кук эткен кузгун жок* («Ала-Тоо»). *Алар жарым жолго жетип, кук эткен кузгун, как эткен карга жок бир тоонун арасына келе берген кезде чоң кардуу бороон болду* (Баялинов). *Бул жерде как эткен каргасы, кук эткен кузгуну жок ээн талаа, эрме чөл экен* («Чалкан»).

**КАКА** Тамак-аш жегенде, тамак-аш алкымдан ары шар өтүп кетпей токтоп калуу, кептелип калуу. *Этке какап, эмне кыларын биле албай кыйналды* («Ала-Тоо»).

**КАКААР** Каар, кыйынчылык. *Тянь-Шандын какаарына бышкан алтоону Чүй боорунун чыкыроону тоңута койбос* (Бейшеналиев). *Жигиттин ажарланган жүзү кыздын какаарынан ичиркенген жок* (Бейшеналиев). *Каз-өрдөгү ойногон, Какаар жерге көл бүттү* («Семетей»).

**КАКААРДА** Бирөөгө каарын төгүү, жектөө, каарын көрсөтүү, каардануу. *Капсалаңдын суз, какаардап, кагалжыткан сөздөрүн угуп, Керез жалтайлады* (Бейшеналиев).

**КАКААРДУУ** Каардуу, каары катуу. *Какаардуу кыш. Какаардуу суук.*

**КАКАГАНГА МУШТАГАН** Түйшүктүн үстүнө түйшүк кошулган, үстөккө-босток азап тарткан, азабы арылбаган. *Какаганга муштаган болуп, атасы жол кырсыгынан каза болсо болобу* («Кыргызстан маданияты»). *Какаганга муштаган болуп, солдаттарга жугуштуу кесел жармашты* (Бектенов). *Какаганга муштаган деп, Дарыяхандын сегиз айлык баласы боюнан түштү* (Жантөшев). *Кой, какагандын үстүнө муштаган кылбайлы* (Байтемиров). *Какаганга муштаган болуп, быйылкы жылдын кышы да катуу түштү* (Абдукаримов). **В.: Какагандын үстүнө муштаган.** *Ошондо жигити байды какагандын үстүнө муштаган кылып, табактагы куйрук-боорду аткып алат* (Бөлөкбаев). *Дал ошондо, эгер түшүнсөңүз, какагандын үстүнө муштаган болбодубу...* («Чалкан»).

**КАКАДУЛАР** *биол.* Австралия тотуларынын бир түрү.

**КАКАЙ I** 1. Кайкайып түптүз туруу. *Жапар балдагына какайып, аскерчесинен турду да калды* (Баялинов). *Демибизди ичибизге алып, каккан казыктай какайдык да калдык* («Ала-Тоо»). *Андрей үзөңгү боосун чирене тээп, какая калды* (Сасыкбаев). 2. Бой көтөрүү, кейкейүү, кекирейүү, менменсинүү. *Эңкейгенге эңкейгин – атаңдаң калган кул эмес, какайганга какайгын – падышанын уулу эмес* (макал).

**КАКАЙ II** Доңуз, чочко.

**КАКАЙТ** **какай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКАН** **каган** менен бирдей. *Каканчылуу Бээжиндин, Калдайынын уулу элем* («Манас»).

**КАКАНАК** Адамдын же малдын жаңы туулган баласынын сырткы чел кабыгы. *Каканак суусу шар этти, Баланын үнү бар этти* («Манас»).

**КАКАНАКТА** Күйгөндөн же өйкөлгөндөн кабырчыктап калуу, териси ыйлаактап, көөп чыгуу. *Каканактап канталап, Кабармактан кабаргын* (Үмөталиев).

**КАКАНАКТАТ каканакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКАНАКТОО каканакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКАНДОС** Жаңы бүткөн үйдүн тою. *Карабайдын ушул үйү бүткөндө анын какандосуна барып келген күнкү таңдана айткан апасынын бул сөзү азыр анын кулагына дагы угулгансыды* (Мавлянов).

**КАКАНДА** *туурасы:* **кайкаңда.**

**КАКАО** 1. Данынан шоколад даярдалуучу тропикалык жыгач, шоколад жыгачы. 2. Ушул жыгачтын данынан майдалап даярдалган талкан. 3. Ушул талканынан жасалган даамдуу, суюк тамак.

**КАКАС** Обочо, алыс, тынч. *Ууру-бөрүдөн какас жер.*

**КАКАТ кака** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКАЧ** 1. Адамдын чачтарында, айбандардын түгүндө, денесинде болуучу майда кабырчыктар. 2. Эчкини тилдөөдө айтылуучу сөз. 3. *өт.* Өтө кир, таза эмес, какмар. *Кайран жеңе какач болуп калуучу эле* (Каралаев). *Он чакты күндөн бери какач болуп жаткан казан-аяк жаркырап, үй ичиндеги нерселердин бардыгы өз ордун ээлей баштады* (Абдукаримов).

**КАКАЧТАН** Какач басуу, какачы көбөйүп кетүү. *Какачтанып сыйрылган боорсок мурун, кара тоголок бир бала үйгө кирди* (Баялинов). *Башы какачтанып, кирдеп калган экен, жуунтсаңар боло!* («Ала-Тоо»).

**КАКБАШ** *к.* **как баш.** *Кадырын билбей баланын, Какбаштыгың билинди* («Манас» С.О.).

**КАКЖАЙ** Каржайган арык кебетеде болуу, өтө арык көрүнүү. *Какжайган арык жан элем Кабыргам карыш казы алдым* (Усөнбаев).

**КАКЖЫРА** Өтө кургап, эби-сыны, калыбы бузулуу, мурдагысындай болбой калуу. *Күнгө какжырап, калыбынан тайган эшиктерди, тепкичтерди көрдү* (Баялинов).

**КАККАН КАЗЫКТАЙ** Түптүз, эч кыймылсыз, турган жеринде. *Кирген бойдон босогодо каккан казыктай турган экөө чыгып кете алышпай шалдая түштү* (Өмүрбаев). *Үч каракчы каккан казык сыяктуу ордунан жылбайт* («Жомоктор»).

**КАККЫ** Бирөөгө карата айтылган кагуу, катуу сөз. *Чийки болуп менде өскөнчө эркелеп, Чоңойсо экен Карабектен каккы жеп* (Осмонов). *Секелек кыз а дегенде бирөөдөн катуу каккы көрүп, ыза болгон балача эчкирип ыйлады* (Сыдыкбеков).

**КАКМАЛА** Кебин, айтайын деген оюн жөнөтпөй, кагып коюп туруу, кайра-кайра кага берүү. *Кер какшык болсоң какмалап, Келеби адам жаныңа* (Калык).

**КАКМАР** 1. Кир, шакмар, аябай булганч. *Кийим-кечеси какмар болуп, өңүнөн азган адамды көрүп, эненин зээни кейиди* («Ала-Тоо»). 2. Аялдар балдарын эркелеткенде же жемелегенде айтылчу сөз. *О, арам какмар! Сага да бир бакпас балаа бар чыгар! – деди Күлүш* (Баялинов). *Арам какмар, уялып да койбойт* (Токомбаев).

**КАКМАЧЫ** Жапайы аңдарды үркүтүп айдап берүүчү киши, айдоочу.

**КАКСОО** 1. Суу чыкпай кургап калган, суу жетпеген таштак жер. *Каксоо жер. Каксоого чыккан өсүмдүктөр.* 2. Жаан-чачыны аз, кургакчыл. *Жыл каксоо тарткан* (Касымбеков). 3. Арык чырай. *Каксоо жигит.*

**КАКСЫГУУ каксык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКСЫЗ** Таза, биротоло. *Оорусунан каксыз айыкты. Доодон каксыз кутулуп, жаным тынды* («Ала-Тоо»).

**КАКСЫК** Көптү көрүп, түрдүү иштерге бышыгуу, дасыгуу, бардык нерселерди баалай, өлчөй билүү. *Гүлүсүндүн кеби турмушка каксыккан эненин кебиндей салмактуу* (Сыдыкбеков).

**КАКСЫКТЫР каксык** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКТА** 1. Кургатуу, жылытуу же бышыруу үчүн отко же күнгө тосуп, ысык өткөрүү. *Грузчик жаагын отко кактап отуруп, уккан жаңылыктарын айтты* (Сасыкбаев). *Кыштан арык чыккан малдар күнгө капталын кактап магдырады* (Убукеев). *Ал этти отко кактап жечү эле* («Ала-Тоо»). *Жонуңду күнгө кактадың* (Бөкөнбаев). 2. Саан малдарды сүтү чыкпай калганча саап алуу же аябай соруп эмүү. *Айылга келип айтат сөз: – Кактап сааба бээлерди (*Үмөталиев). *Киреше, Шарип, Батыкелер уйларын кактап саап болгондон кийин, аларды ыктоо жерге байлап коюп, тоют беришти* («Кыргызстан аялдары»).

**КАКТАБАЙ КАНЫН СОРУУ** Аябай эзүү, запкы көрсөтүү, ырайымсыз мамиле жасоо. *Баланын актабай канын соргон сен элең го!* («Чалкан»). *Эгер Орозкул иштен кууп жиберсе, кемпири кактабай канын сорот ко дейт* (Айтматов). *Кактабай канын сорот, азыр да шек санай сөз узатканы ошондон улам* (Медетов). *Булар тыйынды сом кылып, кактабай канды соргондор* (Шүкүрбеков). **В.: Кактабай канын ичүү.** *Менин кактабай канымды иччү белең! – деди Ашыр кожоюнга* (Сасыкбаев). **Кактабай канын алуу.** *Кактабай канымды алып, мага дагы эле болсо шек санай карайт* («Ала-Тоо»). **Канын соруу.** *Адамдын канын сүлүктөй соргон кадимки казы манап* (Бектенов). *Алардын канын аябай соргон экен, элдин айтымына караганда* («Ала-Тоо»).

**Канын кактабай соруу.** *Канын кактабай соргон экен* (фольк).

**КАКТАЛ какта** этишинин туюк мамилеси.

**КАКТАН какта** этишинин өздүк мамилеси.

**КАКТАТ какта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКТОО какта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКТООЧ** Эттендирбей, бир калыпта кармап, дайыма минип жүрүүчү жылкы. *Семиздерин сойбосун, Кактоочторун койбосун* («Сейтек»). *Кычан жайлата минип жүрүп, кактооч болгон кунанын бөжүтүп, көчөгө чыкты* (Бейшеналиев). *Жайында кактооч минген арык малды, Жаныбар Жаман-Эчки алып калды* («Жазгыч акындар»).

**КАКТУС** Жалбырагы жок, сөңгөгү калың жана тикендүү келген өсүмдүк.

**КАКТЫ: ээр какты** *к.* **ээр.**

**КАКТЫГУУ кактык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКТЫК** Ар нерсеге бышыгуу, кагылуу, тажрыйбалуу болуу. *Бейтааныш зайыптын мынчалык эзилишип сырдашканына али кактыга элек жаш келин чечилген да жок* (Сыдыкбеков).

**КАКТЫР как IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКТЫРУУ** *аңч.* Какмачыга илбээсин айдаттыруу, үркүттүрүү.

**КАКУМ** *туурасы:* **каакым.**

**КАКЧАЙ** 1. Эти качып, өтө арык кебетеде болуу, каржаюу. *Көп киши чыкты бир жайдан, Бири кары какчайган* (Калык). 2. Былкылдабай какыйып туруу. *Эр Коңурбай калчанын Жолун карап какчайып, Күтүп турган Алмамбет* («Манас»).

**КАКЧАЙТ какчай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЧАНДА** Ыгы жок кажылдай берүү, ар нерсеге кийлигишип, бышыксынуу, чыйраксынуу (көбүнчө кары адамдарга карата). *Кулбаш аксакалды Өмүшбай: «Какчаңдап мага келгенче, уулуңду жөнгө салсаң го! – деп, кагып койду* (Абдукаримов). *Какчаңдаган катуу чал көрүнөт* (Убукеев). *Карыганча какчаңдап, Кадаланып болбойсуң* («Семетей»).

**КАКЧАНДАТ какчаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЧАНДОО какчаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЧАЮУ какчай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЧЫЙ какчай** менен бирдей. *Какчыйып карап тура берди.*

**КАКЧЫЙТ какчый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЧЫЮУ какчый** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКША I** 1. Боздоо, зарланып катуу ыйлоо. *Ай бөксөрүп, күн өтүп, Бир баланын зары өтүп, Турбай көңүл бөлгөмүн, Бала үчүн какшап өлгөмүн* («Сейтек»). *Минген атың аксасын, Зайып, балаң какшасын! Туугаңың издеп таппасын!* (Барпы). *Көзүнүн жашын көл кылып, Какшап ыйлап боздоду* («Мендирман»). 2. Тынбай сүйлөй берүү, безенип ырдоо, безилдөө. *Деги оңбогон шум кемпир, Шум болбосо, какшайбы?* («Мендирман»). *Какшасам күн-түн үн салып, Койду эле аны ким тыңдап?* (Бөкөнбаев). *Какшадым ырдап талыкпай, Калк чогулган нечеңге* (Токтогул).

**КАКША II** 1. Катуу үшүү, муздоо. *Карда эркин ойноп жаткан Мишанын маңдайы какшап, эки кулагы үшүп чыкты* («Ала-Тоо»). *Суусамырдын суусун көрдүң беле, апа? Тим эле муздагынан мээ какшайт* (Байтемиров). *Мамбеткул койдун артында суuктан какшаган тизелерин улам кымтылайт* (Абдумомунов). 2. Сыздап ооруу, зыркыроо. *Колу бутум какшап ооруп, шишип кетти* («Кыргызстан аялдары»).

**КАКШААЛ** 1. Тиричиликке аябай катаал, кыйын жер. *Кең Чүйдөн, бак жемиштин мол жеринен, Какшаалга айтып кабар жеткирчүдөй* (Үмөталиев). *Кайраттанып үн салса, Какшаалдын тоосу жаңырган* (Бөкөнбаев). 2. Аябай какшыган, куурап калган (отунга карата). *Кашка жол менен бастырган, Какшаалдай отун артынган* («Эр Табылды»). *Арчанын какшаалдарын чогултуп, таштан кемеге жасап, отту чоң жакты* (Каимов). 3. Какшанып көп сүйлөй берген адам. 4. Аялдар бирөөнү жаман көргөндө, бирөөгө наалат айтканда колдонулуучу сөз. *Кара жолтой какшаалга, Жок эле менин жазганым* (Тоголок Молдо).

**КАКШАК** *диал.* Өтө муздак. *Какшак сууга жасалган чалап.*

**КАКШАН** Кайра-кайра какшап айтуу, какшай берүү. *«Какшанган кара жаак неме экенсиң, болбодубу, койсоң боло!» деп, аялын тыйып коёр эле* («Чалкан»).

**КАКШАТ какша** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКШОО какша** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКШУУ какшы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКШЫ** 1. Суусу жок кагырап калуу. *Какшып жаткан кечеги, Ээн чөл гүлдөп кубулду* (Үмөталиев). *Какшып жаткан канча жыл, Чөл көгөрдү нуруңдан* (Бөкөнбаев). *Какыраган таш толгон, Какшып жаткан сайы жок* (Маликов). *Шашке ченде Көкө жол боюндагы какшыган кол арыкка бутун салып коюп, өзү жээгине чочоюп отурду* (Касымбеков). 2. Нымы калбай кургоо, кургап, куурап калуу, какжыроо. *Жаман эшик ансыз да күнгө какшып, араң турган эле* (Сыдыкбеков). *Күнгө аябай какшыган жа-*

*шыл чөптөрдүн жыттары келет* (Абдумомунов). 3. Отко какталып, ысып кетүү. *Казан какшыды.* 4. *өт.* Таптакыр түгөнүү, жок болуу. *Сен бардагы какшып турган, Нанга толгон ашканам* (Бөкөнбаев). *Оокаттын жугу түгөнүп, какшып турган кезибиз* («Ала-Тоо»).

**КАКШЫК** Шылдыңдоо, келеке кылуу, сөз менен чымчылоо максатында жылдырып айтылган мактоо, кекээр сөз. *Ашым баятан бери капталдан чыгып, какшыкты чубатып отурат* (Каимов). *Карайсың көзүң кылгырып, Какшык айтып жылдырып* (Тоголок Молдо). *Кекээри жок, кер какшыгы жок сүйлөөгө болбойбу?* (Убукеев).

**КАКШЫКТА** Какшык айтуу, бирөөнү кекээрлеп, какшык сөздөрдөн жылдырып сүйлөө. *Бир көрүшкөн кишини какшыктаганың жакшы эмес* (Каимов). *Чала угуп калган кемпир какшыктап жатабы деп ойлоду* (Байтемиров). *Пайгамбарды какшыктап, Балакетке калдыкпы?* (Токтогул).

**КАКШЫКТАТ какшыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКШЫКТАШ какшыкта** этишинин кош мамилеси.

**КАКШЫКТОО какшыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКШЫКТУУ** Какшык аралашкан, какшыктап айтылган. *Ызырынган кектүү, какшыктуу сөздөр ташталды* (Сасыкбаев). *Чай ичип отургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* («Советтик Кыргызстан»). *Эргештин күлкүсү адамдын ачуусу келгендей какшыктуу күлкү эле* (Жантөшев).

**КАКШЫКЧЫЛ** Какшыкты көп айткан, бирөөнү какшыктап сүйлөгөндү жакшы көргөн. *Какшыкчыл чал эле деп, Сактанышып коркушуп* («Курманбек»). *Какшыкчыл эрим чал болсо, Кантип чыдайм Күлүсүн* (Калык).

**КАКШЫТ какшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫЙ** Денесин түз кармап, бир орунда козголбой, былкылдабай туруу, кайкаюу. *Беш атарын мыкчый кармап, Ашыр какыйып эшик алдында турат* (Сасыкбаев).

**КАКЫЙТ какый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫЛДА** 1. «Как-как», «каак-каак» эткен дабыш салуу (тоокторго, каз-өрдөк же каргаларга карата). *Кыштын биринчи жарчылары кар тилеп какылдай баштады* (Абдукаримов). *Какылдаган карга жок, Куркулдаган кузгун жок, Чөлдө калар бекемин?* («Эр Төштүк»). *Жайкы сыдырым жел үйдөгүлөргө тооктун какылдаганын жеткирди* («Жаш ленинчи»). *Көл ичинде каз-өрдөгү какылдайт* (Убукеев). 2. Оозу-оозуна тийбей какшана берүү, көп сүйлөө. *Кайран катын, какылдаганын да коюп кетти* (Сыдыкбеков). *Оюна койсо Үмөтай, Какылдаган чорону, Калтасына салчудай* («Семетей»). *Турдуке болсо басылбайт, Жаагын жанып какылдайт* (Осмонкул).

**КАКЫЛДАК** Какылдаган сүйлөөк, жаагы тынбаган, көп сүйлөгөн.

**КАКЫЛДАП КАКШОО** Бир нерсе жөнүндө безилдеп, кайра-кайра какшанып айта берүү. *Кемчиликтерди жоёлу деп, какылдап какшап айтып келе жатам* (Убукеев).

**КАКЫЛДАТ какылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫЛДОО какылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЫЛЫКТА** Какылдоо, «как-как» этүү (мис. тоок). *Тоок какылыктай баштады.*

**КАКЫЛЫКТАТ какылыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫЛЫКТОО какылыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЫМ** *туурасы:* **каакым.** *Мария анда төрттө беште, Какым сырга тагынып, ойнор эле өзү кечке, Куурчагына жалынып* (Токомбаев).

**КАКЫР I** Суу чыкпаган какшыма, таштак, чөлдүү. *Мындан бир жыл мурда ушул жер какыр талаа эле. Гүлдөтөлү өлкөнү Какыр жерден пахта алып* (Бөкөнбаев).

**КАКЫР II** Какырыкты бөлүп чыгаруу, түкүрүп таштоо. *Көмүр түшүрүп бүткөндө какырсаң, көмүрдүн ышы чыга берет* (Абдукаримов). *Какырып, ооз чайкап чылапчынга, Кайрадан аңгемесин улады жай* (Абдыраманов). *Ыкшый жөтөлүп, катуукатуу какырды* (Токомбаев).

**КАКЫРА** Суусу жок какшыма, какыр болуп туруу. *Ак-Буура суусунун түштүк жакка өйүзүндөгү какыраган сайда жума сайын базар* (Жантөшев). *Какыраган эң ысык Чөлдө кетип баратат* («Эр Төштүк»).

**КАКЫРАМА** Какыраган, суу чыкпаган, таштак. *Какырама кара шагыл, жериң таш* (Калык).

**КАКЫРАТ какыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫРДУУ** Суу чыкпай какыраган, какшыган. *Карабайыр казанат Какырдуу чөлдүн тулпары* (Жантөшев).

**КАКЫРЛУУ акырдуу** менен бирдей. *Какырлуу жерден суу аккан, Айгайлаган чуу аккан* («Манас»).

**КАКЫРОО какыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЫРТ какыр II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАКЫРУУ какыр II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКЫРЫК** Дем алуу органдарынан бөлүнүп чыгуучу былжырак, илээшме. *Көкүрөгүн какырык басып, тамагын кычыштырды* (Сыдыкбеков).

**КАКЫРЫМ** 1. Айран менен сүттүн же ай-

ран менен кымыздын аралашмасынан турган ачкыл ичимдик, суусун. 2. Ушундай ачкыл даам. *Какырым болгон бозо.*

**КАКЫРЫН какыр** этишинин өздүк мамилеси.

**КАКЫС-КОКУС КЫЛУУ** Анча-мынча сес көрсөтүү, кагып-силкип урушуп коюу, жаза-буза урумуш болуп коюу. *Аттиң, атамдай болгон кишини какыс-кокус кылдым* («Ленинчил жаш»). *Эч нерсе эмес, ошентип какыс-кокус кылып койбосо, көөп кетет* (Байтемиров). **В.: Какыс-кукус кылуу.** *Бала дегенди ыгы менен какыс-кукус кылып, жакшы тарбиялаш керек да* («Ала-Тоо»). *Кантсе да директор эмеспи, какыс-кукус кылганына терикпедим* («Чалкан»).

**КАКЫЮУ какый** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛ I** 1. Адамдын денесинде тубаса пайда болгон кара же кызыл так. *Жарашып турса өңүнө, Сулуунун көркү калында* («Мендирман»). *Сонун келбет, бураңдаган жар сулуу, Ак маңдайда жарашыктуу кал сулуу* (Элебаев). 2. Карыган, жашы улгайган адамдардын өңүндө, денесинде пайда болуучу кара тактар. *Далай кымбат өмүрдү, Кары деген кал басат* (Токомбаев). *Бүткөн боюм дал болуп, Эки, көзүм кал толуп, Карылыктан калжырап, Калат деген не мүшкүл?* («Сейтек»). *Карартып көздү кал салып, Карышып уу тил кан соруп* (Бөкөнбаев). 2. Бир өңдүү малдын (көбүнчө жылкынын) денесинде болуучу ак же кара так. *Санында калы бар боз байталды жетелеп абышка арык жээктей басып калды* («Ала-Тоо»).

**КАЛ II** *диал.* Таз. *Башы кал болгон адам.*

**КАЛ III** 1. Өз жайында болуу, бир жакка жөнөп кетпөө. *Жакшылап айткан сөзүмдү, Жактырбасаң мында кал* (Токтогул). *Балдар бүгүн үйдө калышты, узак жолдо кыйналабы деп, ала келгеним жок* («Ала-Тоо»). *Кечээги атчан келген адам айлына жете албай, малчылардын сарайында калды* («Ала-Тоо»). *Адам калбай айылда, Келе жатат мелтиреп* («Эр Төштүк»). 2. Бир нерсенин ашыгы же биреөгө тийиштүү үлүшү, бөлүгү бүт жок болуп кетпей, артуу, арткан болуу, артык баш болуу. *Балдарга тамак калдыбы? – деди бригадир ысык тамак жасалган жерге келип* («Ала-Тоо»). *Кечээги союлган койдун жарты этинен көбүрөөгү калды эле, казан асалы, отургула* («Ала-Тоо»). *Сааганымдан кеп калат, Сары кулун эмгенге* (Осмонов). 3. Толук бойдон арытылбоо, жоголбоо, жоюлуп кетпөө. *Таза шыпырсаң боло, чаң калыптыр, кайта шыпыр* («Ала-Тоо».). *Костюмуңда так калыптыр, тазалатканың ушубу* («Чалкан»). 4. Жок болуу, жоюлуу. *Эми баягыдай наадандык калбадыбы, эси кирип, кишиболбодубу?* («Чалкан»). *Жамандыгыбыз эле болбосо, сен экөөбүздө жаштык, балалык калды дейсиңби!* («Ала-Тоо»). 5. Колго алынбоо, аткарылбоо, көздөбөй, карабай, таштап коюу. *Иш калып жатканын көрүп турасыңбы? Үйдөгү бала-чака дегендер, малжан, оокат-тиричилик дегендер калды, аны ойлогон ата ушинтип жүрөбү?* («Чалкан»). 6. Белгилүү бир абалга дуушар болгондукту, ошондой абалга келгендикти билдирүүдө колдонулат. *Бир балакетке калган экенбиз да!* («Чалкан»). *Төрт аялың төрт жерде, Жесир калып улусун* (Барпы). *Бул жолу да куру кол калдыкпы* («Ала-Тоо»). *Ачка калып, аябай кыйналган экенсиңер* («Жаш ленинчи»). 7. Кандайдыр бир нерседен ажыроо, айрылуу, аны мурдагыдай улантууга, аткарууга мүмкүнчүлүгү болбоо. *Атабыз баягыдай эмес, тамактан да, кептен-сөздөн да калып, үйдөн чыкпайт* («Ала-Тоо»). *Көзү көрүүдөн калды. Тилден калды. Оюн-күлкүдөн калды. Биз баягыдай аңчылык кылып, тоого чыгуудан калбадыкпы* («Ала-Тоо»). 8. Оюндан, мелдештен утулуу, жеңилүү. *Шахматтан калып калды. Аты калып калган адам байгеге илинеби, алдырып коюп тим болот да!* («Ала-Тоо»). 9. Элдин эсинде сакталуу, унутулбоо, элге таралуу, өзүнөн кийинкилерге өтүү. *Токомдун айткан ыры деп, Жаштарга калсын таралып* (Токтогул). *Элге кылган жакшылык жерде калбайт* (макал). *Кыргызга калсын бир нуска ыр менен комуз күүлөрүм* (Токтогул). *Баламдан калган жаркыным, Башчысы болот дечү элем* («Олжобай менен Кишимжан»). *Согушта курман болгон баатыр жоокерлердин эрдиги, ар биринин жаркыраган элеси элибиздин эсинде калып, унутулбай түбөлүккө жашай бермекчи.* 10. Кыймыл-аракеттин тез арада болуп өткөнүн же болуп аяктаганын билдирүүчү жардамчы этиш катарында колдонулат. *Кулагын басып кай бирөө, Жата калган бекинип* («Эр Төштүк»). *Жаштар бир нерсени кулагы чалып калса, анын жер-жеберинен бери угууга кызыгышат* (Жантөшев). *Тыңшай калсаң угат кулак, Пушкин ырын кыргызча* (Маликов). *Атасын көрө калган бала жүгүргөн бойдон жанына жетип келди* («Ала-Тоо»). *Өзүбүздүн колхозго да келип калдык* (Сыдыкбеков). 11 Негизги этиштин **-ганы** формасынан кийин айтылып, кыймыл-аракеттин аякталып бүтө элек, аяктоого жакын абалда турганын көрсөтөт. *Алганы калды. Иш бүткөнү калды. Жумуш аяктаганы калды:* 12. Тангыч формадагы негизги этиштен кийин айтылып, сүйлөөчүнүн оюн бекемдөө, күчөтүү, тактоону билдирет. *Сен айтканыңдан кайтпай кал! Сен эле болсоң билбей кал! Ал барбай койбой калсын! Мен барбай калайын!*

**КАЛ ОРОО** Төрт бурчтуу кылып казылган эгин сактоочу чоң ороо.

**КАЛА I** *туурасы:* **калаа I.**

**КАЛА II** 1. *диал.* Эгин. *Ынтымагы бар элдин, Калага карды ток болот* (Барпы). 2. Тегирменге ун-талкан, шак салдырганда эгин түрүндө төлөнүүчү акы. *Каласын бербей тартабы, Куда сөөк карындаш?* (Токтогул).

**КАЛА III** 1. Бир нерсени калкалап, тосуп коюу, айланта курчоо. *Кийиз кала. Чий кала.* ‖ *Терезелерди калап койгондуктан, бөлмө күңүрт эле* («Ленинчил жаш»). *Туурдук ордуна жалаң чөп калап койгон кара алачык Анаркандыкы* (Жантөшев). 2. Отунду (көбүнчө тезекти) күйүүгө-ылайыктап, биринин үстүнө бирин жыйып тегеректөө, бирине бирин жөлөштүрүү. *Коломтодо койдун нагыз көңүнөн калаган от адамдын жүзүнө кызыл нур берип күйүп турат* (Каралаев).

**КАЛА БЕРСЕ** «Ал гана турсун», «ал гана эмес», «ал түгүл» деген мааниде колдонулат. *Кала берсе кичинекей балдар да кырдаалдын олуттуулугун түшүнгөндөй тымтырс боло түшүштү* («Ала-Тоо»).

**КАЛАА I** Өнөр жай, соода сатык мекемелери бар калк көп топтолгон ири пункт, шаар. *Фрунзе– учкан уям, сүйгөн калаам, Көп жүрдүк ойноп-күлүп эсен-аман* (Осмонов). *Азандан айылдан жөө чыгышып, түш оой калаага жетишти* (Сыдыкбеков).

**КАЛАА II кала II** менен бирдей. *Тегирменге калаа бериш керек, Андан көрө жаргылчакка тартып алган жакшы эмеспи* (Айтматов).

**КАЛААЛУУ** Туш тарабы сепил менен курчалган чеп салынган, бекемделген. *Калаалуу коргон.*

**КАЛААЛЫК** Калаада туруучу, шаардык. *Жата турсун жайлашып, Калаалыктын чөбүнө, Ат семиртип байлашып* («Манас»).

**КАЛААТЫ** Сырдуу, табышмактуу. *Какшыган сайдын жээгиндеги дүпүйгөн Кара Бак алыстан бир башкача калааты көрүндү* (Жусубалиев).

**КАЛАБА** Чыр-чатак, уруш-талаш. *Калабаны арбытып, Качып калды кайрылбай, Алгара менен аргытып* («Семетей»). *Калабаны салбаңыз, Капилетте калбаңыз* («Эр-Төштүк»). *Журт ушундай калабада турганда байлардын эгини кампага батпай, чирип жатканы көп* (Элебаев).

**КАЛАБАЛУУ** Чыр-чатактуу, уруш-талашы көп, дүрбөлөңдүү. *Калабалуу канкорум, Калк чайкаган анткорум* («Манас»). *Кара жолтой чүрөксүң, Калабалуу дүмөксүң* («Сейтек»)

**КАЛАЙ** 1. Күмүш түстүү, жумшак ак металл. *Кан Манастын ордосу, Жыйын курчу ак сарай, Каалгасы сом калай* («Манас»). *Колун сандыктын калайына алдырып алдыбы деп, Зуура эрин жалт карады* (Сыдыкбеков). 2. Ушундай темирден жасалган идиш.

**КАЛАЙЛА** Буюмду же идишти калай менен чайкоо, калай жалатып коoздоо. *Жабдыгын күмүш калайлап, Нечен тогуз мал айдап, Үч багыштын Байназар, Кишимге куда болду эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жалгыздын куюшканын калайлап, Мен куда болуп мал айдап* («Саринжи-Бөкөй»).

**КАЛАЙЛАТ калайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛАЙЛАШ калайла** этишинин кош мамилеси.

**КАЛАЙЛОО калайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛАЙЛУУ** Калайы бар, калайланган, калай капталган. *Жылтыраган калайлуу Сандык сатты, кайран эл* (Шайбеков). *Катарлаган төөсүнө, Калайлуу кумган, жез чөөгүн, Баарын жүктөп таштаптыр* («Эр Табылды»).

**КАЛАЙМАН** 1. Чуру-чуу, жаңжал, чырчатак, бүлүк. *Катылганга калайман, Салуучу түрүң бар экен* («Манас»). *Ай-ааламга калайман, Салгандыгым дагы бар* («Эр Төштүк»). *Бет алышса сан колго, Баруучу сыны көрүнөт, Кармашканга калайман, Салуучу сыны көрүнөт* («Сейтек»). 2. Зордук-зомбулукка, бирөөнүн бийлигине көрсөтүлгөн каршылык. *Максат, үмүт бир болуп, Калайманды баштадык* (Каралаев). *Эл ичиндеги кектүүлөр, Чоң калайман салбасын!* («Мендирман»). 3. Кыйынчылык, оорчулук, азап тарттырган оор шарт. *Калайман түшүп башыма, Кан какшадым буркурап* («Адыл Мерген»).

**КАЛАЙЫК** Калың эл, көпчүлүк, эл-журт. *Калайык дуу түшүп, өз ичинен күбүр-шыбыр болуп калды* (Абдукаримов). *Калайык журт ишенсе, жатакчынын милдетин мен алайын* (Бейшеналиев). *Каалагандар алсын деп, Калайыкка чачамын* (Тоголок Молдо).

**КАЛАК I** 1. Бир нерсе сузуп алууга ылайыктап, кичинекей күрөк түрүндө жасалган үй буюму. *Күл чыгара турган калак. Эгин суза турган калак. Унга салган калактай, Аппак сакал чалдары* (Токомбаев). 2. Дары сыяктуу нерселерди өлчөп алуу үчүн колдонулуучу кашык сыяктуу кичине курал. *Калакка өлчөп уу бердим, Кашык менен суу бердим* («Манас»). *Колунда болот калактан, Дары турат тамчылап* (Осмонкул). 3. Сууну шилеп, кайык айдоо үчүн колдонулуучу, баш жагы жалпак, сабы жумуру келген курал. *Кайыктын калактары шилтенип, көл үстүндө сузуп бараттык* («АлаТоо»).

**КАЛАК II алакай** менен бирдей.

**КАЛАКАЙ I** Эпостордо айтылуучу калмак тон. *Сарыбайга кабылып, Калакай кара жамынып* («Сейтек»). *Желмогуз уулу Сарыбай, Жаткан экен дардайып, Калакай тонун жамынып* («Сейтек»).

**КАЛАКАЙ II** Байкабастан ысык нерсени кармап же басып алганда чочуп кетип айтылуучу сөз. *Калакай, ысык экен!*

**КАЛАКАЙЛА** 1. Ысык нерсени кармап. же басып алганда «калакай!» деп чочуп кетүү. 2. *өт.* Ашкере өнтөлөп кыйынчылыктардан, жумуштан, түйшүктөн ж.б. калкалоо. *Бечара кемпир жалгыз небересин калакайлап колхоздун жумуштарына кол кабыш кылууга да жибербейт* («Жаш ленинчи»).

**КАЛАКАЙЛАТ калакайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛАКАЙЛОО калакайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛАКАТ** Бири-бирине тоскоолдук кылуу. *Асманда жылдыз көп болсо, Калакат болот жылдызга* («Эл адабияты»).

**КАЛАКТА** Бир нерсени салуу, сузуп алуу үчүн калакты колдонуп иштөө.

**КАЛАКТАТ калакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛАКТАШ калакта** этишинин кош мамилеси.

**КАЛАКТОО калакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛАМ калем** менен бирдей. *Үч уулу үч жагынан ыкташып, ата минтип жаз, каламды минтип карма, колуңду калтыратпа деп жатар эле* (Айтматов). *Иманбай каламын столго такылдатып, ойлонуп калды* (Каимов). *Шатысында бактынын Шаңданып калам шилтеген, Шайырлар менин тууганым* (Токомбаев).

**КАЛАМА** Ачыбаган камырдан жука жайылып, казанга бышырылган нан. *Тетиги каламадан эле ооз тийгизгиле* (Бейшеналиев).

**КАЛАМБУР** Сөз оюну, айтылышы окшош, мааниси ар башка сөздөрдү катар пайдаланып, бура сүйлөө. *Кайрыла кет кайрынса, Бурула кет Бурулча* («Чалкан»).

**КАЛАМДАШ калемдеш** менен бирдей. *Алик ал ысык дилимден, Каламдаш менин досторум!* (Токомбаев).

**КАЛАМИ, КЕЛЕМЕ** Кебезден токулган кездеме. *Калами көйнөк жол-жолум, досум, Кашаттын башы болжолум, досум* (Эл ырлары). *Келеме күрмө, кең жака, Келишимдүү ок өтпөс, Тон мыктысын кийгизди* («Манас»).

**КАЛАМИ-ШАРИФ** Куран, ыйык сөз. «Калам» – «сөз». «Шариф» – ыйык, таза». *Бу дүнүйөңдү, тиги дүнүйөңдү эсине алып туруп, Калами-шарифти кармачы! – деп, Куранды эки колдоп, өңүндө ирени учуп, дуванага сунду* (Касымбеков).

**КАЛАМИЙ калами** менен бирдей. *Көйнөгүң кызыл каламий, Көрмөйүнчө таркабайт, Көкүрөк дарттын алами* (Эл ырлары).

**КАЛАМПИР** *диал.* Суу боюнда өсө турган, кызыл өңдүү, мал жебес чөп.

**КАЛАН кала IV** этишинин өздүк мамилеси.

**КАЛАНЧА** 1. Өрт өчүрүүчү бөлүктүн кайсы жерден өрт чыкканын байкоого арналган мунарасы. 2. *өт.* Устундай киши, узун киши.

**КАЛАР** *диал.* Келемиш чычкан.

**КАЛАРЧЫ** *диал.* Келемиш (калар) чычкандын ийнин казып, буудайын алуучу киши, келемишчи. *Бул айылдан «Кадырكаларчы», «Арзыгул каларчы» деген аттарды көп угууга мүмкүн эле* (Абдукаримов).

**КАЛАС БОЛУУ** Тазалануу, арылуу, алыс болуу. *Өмүрүнчө тобо деп, Акыреттин камын жеп, Калас болгон күнөөдөн* (Токтогул). *Адамдар калсын каласка* («Манас» С.О.).

**КАЛАТ I** *туурасы:* **калет.**

**КАЛАТ II кала IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛАШ кала IV** этишинин кош мамилеси.

**КАЛБА I калаба** менен бирдей. *Каргашалуу Чабалай, Калың болду калбасы* («Семетей»). *Келбей коюп башына? Катуу калба салбасын* («Манас»). *Эл үчүн кесир болуучу, Кесирден бүткөн калбаңар* («Мендирман»). *Кайдасыңар кесирлүү, Калба болду не түрлүү* («Эл адабияты»).

**КАЛБА II** *туурасы:* **халва.**

**КАЛБАА калаба** менен бирдей. *Айлыңдан арман калбасын, Атап коюп хандыкка, Артынан калбаа салбасын* («Манас»). *Калпалар калбаа кылганда, Кара жол Сибирь айдалып* (Токтогул).

**КАЛБААТ** 1. Оор басырык, салмактуу, кабелтең. *Калбаат мүнөз директор жүз аарчысы менен оозун сүртүп, сөзүн улады* («Ала-Тоо»). *Ал качан көрсөң барга-жокко да бирдей карагандай момоюп калбаат жүрө турган* («Ала-Тоо»). 2. Токтоо, болумдуу, салмак менен.– *Кеп ал цифрада эмес, Өмүш – деп, Абыл калбаат сүйлөдү* (Байтемиров).

**КАЛБААТТУУЛУК** Оор басырыктуулук, салмактуулук, кабелтеңдик.

**КАЛБАГАЙ** Калбайган, эби-сыны жок калың тарткан (эринге карата). *Калбагай ооз, барбагай мурун. Сагындын өңүнө жараша эриндери калбагай эле* (Байтемиров).

**КАЛБАЙ** Калбагай тартып калың, эпсиз көрүнүштө болуу (эриндерге карата). *Эрди калбайып, азыр ачылып сүйлөп жиберчүдөй* (Байтемиров).

**КАЛБАЙТ калбай** этишинин аркылуу мамилеси. *Отурган Култай эрдин калбайта жай сүйлөп, кеңеш айтты* (Убукеев).

**КАЛБАЙЫҢКЫ** Калбайып турган, калбагай тарткан. *Калбайыңкы, эрини, Жылкычы кийген чокойдой* («Манас»).

**КАЛБАКТА калбаланда** менен бирдей. *Эки этеги эки жакка жайылып, калбалактап чуркап келе жатат.*

**КАЛБАЛАҢ: калбалаң-калбалаң этүү** Шашкалактап эби-сыны жок кыймылдоо,

калдандоо.

**КАЛБАЛАҢДА** Калбаң-калбаң этүү, калдандоо. *Ашыр колунан иши түшүп, аны бир, муну бир кармап, калбалаңдай берди* (Сасыкбаев).

**КАЛБАЛАҢДАТ калбалаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛБАЛАҢДОО калбалаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛБАЛУУ калабалуу** менен бирдей. *Кара жан камын жеп бас деп, Калбалуу балдар кантесиң, Кабыргамды бек бас деп* («Манас»).

**КАЛБАҢДА** Эриндери калбагай тартып, эпсиз кыймылдоо. *Эриндери калбаңдап, бирдеме дегиси келди эле, анын кебине кулак салар эч ким болбоду* («Ала-Тоо»).

**КАЛБАҢДАТ калбаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛБАҢДОО калбаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛБАЮУ калбай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛБЕТТҮҮ** Калбаат, албеттүү, олбурлуу. *Депонун начальниги көздөрү шамдай күйгөн калбеттүү жигитке бир карап алды* («Ала-Тоо»).

**КАЛБЫГЫЙ калбагай** менен бирдей. *Омордун калбыгый чоң эриндери бүлкүлдөп турат* (Сыдыкбеков).

**КАЛБЫЙ калбай** менен бирдей. *Дугдуйган Алымбайдын үстүнкү эрди калбыя калып, күңк этти* (Сыдыкбеков). *Үтүрөйгөн кабагын жазбай, суйдаң мурутун эти каччкан сөөмөйү менен бурап-бурап, калбыйган эрдин диртилдетип отура берди* («Ала-Тоо»).

**КАЛБЫЙТ калбый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛБЫК** Калбыйган, калбагай тарткан (эриндерге карата). *Осмон шилекейленген калбык эрдин кекерлене түйүрүп, бышкырып койду* (Айтматов).

**КАЛБЫНДА калбаңда** менен бирдей.

**КАЛБЫР БАЙЛОО** Бирөөнү жаманатты кылуу, артынан ушак сөз жүргүзүү, дайыма чочулап, кооптонуп жүрө тургандай сөз таратып жамандоо. – *Биздин эмнебиз кетип атат, бир сапар чаңыталы, калбыр байлап, чаң чыгарып көрөлү* (Убукеев).

**КАЛБЫР БОЛУУ** Тамтыгы чыгуу, тешилүү, тытылуу. *Желеги октон калбыр болуп кетти* (Сыдыкбеков). *Сатинге махорканын чогу түшүп, бир канча жери калбыр болуп калган* (Убукеев).

**КАЛБЫР ӨПКӨ, ЖЕЗ КАНАТ** Чыгаан күлүк, дулдул, чаалыкпас, чарчабас тулпар. *Кара байыр казанат, Калбыр өпкө жез канат, Ат тулпарын минишип* («Манас»).

**КАЛБЫР** Эгин тазалоо, кум ж.б. элөө үчүн колдонулуучу майда тешиктери бар элек сыяктуу буюм. *Хайтахун чыптанын оозун ачып, Алымкул калбыр менен сузуп сала баштады.* (Абдукаримов).

**КАЛБЫРЛА** Эгин, кум сыяктуу нерселерди калбырга салып элөө, тазалоо, калбырдан өткөрүү. *Короолордо далай жеңе, Үрөндөрүн калбырлап, Сапырышса «орток» кел деп, Кызыл буудай жамгырлап* (Турусбеков).

**КАЛБЫРЛАТ калбырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛБЫРЛАШ калбырла** этишинин кош мамилеси.

**КАЛБЫРЛОО калбырла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛГАН-КАТКАН** Артып калган, калып калган. *Тамактын калган-катканы болсо алып келсеңчи* («Ала-Тоо»). *Калган-каткан кемчилигин дагы акылдаша жатарбыз* (Жантөшев).

**КАЛДАГАЙ** Калдайган, өтө чоң, калдайып көрүнгөн.

**КАЛДАЙ I** *тар.* Монгол, калмак элдериндеги жогорку мансаптуу адамдын чини. *Келген экен мында деп, Калдай менен доотайын* («Манас»). *Аткарды жети калдайды, Ал мүнөзүн көргөн соң, Алат экен бурут деп, Адамдын көбү далдайды* («Манас»).

**КАЛДАЙ II** *диал.* Жука бышырылган нан. *Таң атса берет бир калдай, Кеч кирсе берер бир калдай, Экөө биригип келип бир нандай* (Барпы).

**КАЛДАЙ III** 1. Өтө чоң, көлөмдүү болуп көрүнүү, далдаюу. *Күн түшкө жакындаган убакта, калдайган калың карагайлуу тоого келип жеттик* (Каралаев). *Түштүк тараптан калдайган кара булут көтөрүлүп келе жатат* (Жантөшев). *Тээтиги калдайып көрүнгөн боз үй биз бара турган айылдын аягы, андан ары, туура жол кетет, ал жайлоого чейин алып барат* («Ала-Тоо»). 2. Эби-сыны жок, ийкемсиз көрүнүштө болуу, далдагай тартып көрүнүү. *Кара сакал карыя калдая козголду* (Убукеев). *Калдайган жаным сен дедим, калгандай сүйүү адашып...* (Култегин).

**КАЛДАЙТ калдай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАЙЫҢКЫ** Калдая тарткан, калдайгансыган. *Калдайыңкы эриндерин кымтууга аракеттенди.*

**КАЛДАК** Калдагай тарткан, эби-сыны жок, далдайган. *Эби жок калдак экенсиң.*

**КАЛДАКТА** 1. Калдаң-калдаң этип кыймылдоо, калдандоо. *Элдир-селдир калдактап, Эптеп уччу чоң жору* (Үсөнбаев). *Жалбырактар калдактап жерге кулайт* (Бейшеналиев). *Көрсө көңүл бөлүнөт, Суу үстүндө калдактап, Бир калкайган өпкө көрүнөт* («Эр Төштүк»). 2. Карбаластоо, шаштысы кетүү, шашкалактоо, калдастоо. *Эки өңүрү далбактап, Сакта, кудай, сакта деп, Качып чыкты калдактап* («Манас»). *Кызыл нарды карата, Көкөтай барат кал-*

*дактап, Басып барат далдактап* («Эр Төштүк»).

**КАЛДАКТАТ калдакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАКТОО калдакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДАЛАКТА** 1. Калдак-калдак этүү, калдактоо. *Калдалактап аттарынын бири кулап келе жатат* (Токомбаев). *Карагайдай балыктар, Суу түбүнө чөгө албай, Калдалактап калыптыр* («Семетей»). 2. Калдастап шашып калуу, шаштысы кетүү, карбаластоо. *Эргештин калдалактап шашка- нын айтпа* («Ала-Тоо»).

**КАЛДАЛАКТАТ калдалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАЛАКТОО калдалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДАЛАНДА калдакта** менен бирдей. *Каргалар калдалаңдап ары-бери учуп жүрөт* (Жантөшев). *Бейшеке калдалаңдап шашып калды* (Бейшеналиев). *Эмне болду чүрпөм? – деп, Жыпар калдалаңдап жүгүрүп келип кызын көтөрүп алды* (Шимеев).

**КАЛДАЛАНДАТ калдаланда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАЛАНДОО калдаланда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДАҢ I** Калдайган, далдагай тарткан. *Калдаң кулак доңуздун, Каманындай качырчу* («Жомок»).

**КАЛДАҢ II: калдаң-калдаң** *же* **калдаң-кулдаң этүү** Калдаңдаган, калдак-калдак эткен көрүнүштө болуу, калдактоо, карбаластоо.

**КАЛДАНДА калдакта** менен бирдей. *Бир далай камгак калдаңдап учуп, бирин-бири кубалап, чыгышты, көздөй шашат* (Байтемиров). *Теңге куурайдын баштары калдаңдап, кара шыбактар кадиксиз бийлегендей болуп турат* (Жантөшев). *Жакын кирип келгенде, Качып берем калдаңдап, Эки этегим далдаңдап* («Манас»).

**КАЛДАНДАТ калдаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАНДОО калдаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДАСТА** Карбаластап, эмне кыларын билбей шашып калуу, шаштысы кетүү. *Кайсы жерге отур деп айтуунун ыңгайын таппай, калдастай түштү* (Жантөшев). *Ал калдастап калган часовойлорду көкүрөгү менен жөөлөп кирди* («Кыргызстан пионери»). *Кабыл эшикти карай калдастап жөнөй берди* (Элебаев).

**КАЛДАСТАТ калдаста** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДАСТОО калдаста** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДУУ** Калы бар. *Калдуу сулуу кара көз, Адамзаттын сулуусу* («Адыл мерген»). *Тигил калдуу жеңенин жалгыз уулу Касейинби?* (Сыдыкбеков).

**КАЛДЫК** 1. Бир нерсенин арткан, калган бөлүгү. *Тамак-аштын калдыгы. Тамекинин калдыгын соргон сайын ыкшып жөтөлүп тарта баштады.* (Байтемиров). 2. Коомдук эски көрүнүштүн жоюлуп бүтө элек айрым элементтери, саркындылары. *Эски калдык, эски түрлөр, Түгөнүүдө тепселип* (Бөкөнбаев). 3. Бөлүнүүчү сандын тийиштүү бөлүктөргө бирдей бөлүнгөндөн кийин артып калган саны. *Он алтыны үчкө бөлгөндө бештен тиет да, бирөө калдык калат.*

**КАЛДЫР: калдыр-күлдүр** *же* **калдыр-шалдыр** Нерселердин бири-бирине урунганда, кагылышканда же кулаганда калдырап чыккан дабышы. *Шагыл таш калдыр-күлдүр этип кулагандай болду* (Сасыкбаев). *Арабанын калдыр-шалдыры жакындаган сайын тигилерге коркунуч көбөйдү* (Убукеев).

**КАЛДЫРА** 1. Калдыр-күлдүр, калдыр-шалдыр этүү, калдырттаган дабыш чыгаруу. *Мамбеткулдун калдыраган жалгыз аттын арабасы короодон чыкты* (Каимов). *Ал келгенде калдырабайт эшигиң, Ала келет Алтын мамык бешигин* (Шүкүрбеков). *Дептердин барагы Динар ачкан сайын калдырай берип, наркы мышыкты кызыктырды* (Сыдыкбеков). 2. Калдырттап калгыдай как кургоо, аябай какшуу. *Калдырап каткан тон менен, Уюган түпсүз ой менен* (Бөкөнбаев). *Күзүндө барып карасаң, Күбүлгөн куурап калдырап* (Токтогул).

**КАЛДЫРАК** Калдыр-калдыр эткен калдырама. *Калдырак акчалар дүкүйүп анын чөнтөгүндө жаткан эле* («Чалкан»). *Калдырак жаргактай каткан немени үстүмө салгыдай бечара белем* («Ала-Тоо»).

**КАЛДЫРАТ калдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДЫРКАН** 1. Канаттары кооз, түстөрүү ар түркүн болгон чоң көпөлөк. *Канаттарын күнгө жаркылдатып, калдыркан көпөлөктөр учса, алар далдактап алыстан кадимкидей көрүнөт* (Сыдыкбеков). 2. Каңылтыр темир. *Калдырканды кадап жатып, эшигинин тешиктерин араң бүтөп чыктык* («Ала-Тоо»). 3. Буттун тизеден төмөнкү бөлүгүн жабуучу согуш кийими.

**КАЛДЫРОО калдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛДЫРТ** Калдыраган, калдыр эткен дабыш. *Калдырт-калдырт этип, арабалар жолго чыкты. Калдырт эткен дабыш столдун үстүндөгү чаканын кулаганы эле.*

**КАЛДЫРТТА** Калдырт-калдырт этүү, калдыраган дабыш чыгуу. *Сырттан калдырттаган дабыш угулду.*

**КАЛДЫРТТАТ калдыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛДЫРТТОО калдыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЕЙДОСКОП** 1. Түтүк ичине бурчтап орнотулган күзгү сыныктарынын аралары-

на ар түрдүү түстөгү майда айнек сыныктарын салып, түтүктү айландырганда, ичиндегилер түрдүү түстөгү сайма сыяктуу болуп, көрүнө турган оптикалык аспап (бул балдар оюнчугу катарында кеңири таралган). 2. *өт.* Тез өзгөрүлмөлүү, кубулмалуу. *Образдык колейдоскоп. Окуялардын колейдоскобу.*

**КАЛЕМ** 1. Сыя же тушь менен жазууга, чийүүгө ылайыкталып, сабына уч сайылган жазуу куралы. *Калем кармап, эмгекчилер иши үчүн Ураан чачам компартия атынан* (Токомбаев). *Болот калем безилдеп, Жүрүп турган кезегим* (Тоголок Молдо). 2. *сүйл:* Карандаш. *Калем алып жазамын, Кайран элдин азабын* (Казыбек). *Калемин учтап, кат жазууга кириши. Сыя калем. Кара калем.*

**КАЛЕМ АКЫ** 1. Кат же ар кандай документ, кагаз жазып бергендиги үчүн төлөнүүчү акы. 2. Гонорар.

**КАЛЕМ КАШ** Иймекей, ичке каш.

**КАЛЕМ САП** Сыя же тушь менен жазууга ылайыкталган курал, калем.

**КАЛЕМ УЧ** Калемдин курч металлдан жасалган учтуу бөлүгү.

**КАЛЕМДЕШ** Жазуучулук, журналисттик кесипчиликте бирге иштешкен, бирге жазып жүрүшкөн, кесиби бир. *Калемдеш достор. Калемдеш досум, макулбу?* («Чалкан»).

**КАЛЕМИ КУРЧ** Жазгыч, таамай жазганга жөндөмдүү. *Журналисттердин калеми курч келет дешет* (Бөлөкбаев). *Калайыкка жардоого калеми курчтарды жиберсе, кагажытсак осолдукка жатар* (Бейшеналиев).

**КАЛЕМПИР** 1. Түрүнө жараша, кызыл, көк мөмөсү бар, даамы таттуу же ачуу, тамакка кошуу үчүн өстүрүлүүчү жашылча өсүмдүгү. *Калемпир, пыяз айдаган, Кара Коңуз жайлаган* (Калмырза). *Бирөөндө помидор болсо, дагы бирөөндө калемпир дегендей, бардыгы бар* (Таштемиров). 2. Тамакка кошуу үчүн ушул өсүмдүктүн кызыл мөмөсүнөн жасалган порошок. *Калемпири ачуу салынган куурма шорпого нан туурап ичип алат* (Абдукаримов). *Ашпозчунун шаанисы, Калемпир менен мурч жакшы* (Токтогул). *Кара мурчтан буулаган, Калемпир менен суулаган* («Манас»).

**КАЛЕНДАРДЫК календарь** дегенге таандык. *Календарлык план. Календарлык жыл.*

**КАЛЕНДАРЬ** 1. Бир жыл ичиндеги күндөрдү, айларды тартиби менен көрсөтүп, кээ бир орчундуу даталарга маалымдама берүүчү таблица жана китепче. *Жаңы барак календардан ачылып, Алга дагы арбын койду тилекти* (Нуркамал). 2. Ушул сыяктуу түзүлгөн, бирок кандайдыр бир тармак, коомдук турмуштун белгилүү жагы боюнча маалымат берүүчү справочник түрүндөгү китепче. *Аялдар календары. Астрономиялык календарь.* 3. Ай менен күнгө бөлүштүрүлүп жүргүзүлүүчү иштин планы. *Иштердин календары.*

**КАЛЕНДЕР** Диндик мазмундагы ырларды айтып, эл кыдырып жүргөн, дүнүйөдөн, материалдык байлыктан кечкен адам, дубана, дербиш. – *И, календер эне, сизге жол болсун? – деп сурады Бирасыл* (Каралаев). *Календер болуп кетсем да арга табармын – деди Батийна* (Сыдыкбеков). *Календерге тай берди, Кайырчыга кой берди* («Эр Табылды»). *Календер келсе чогулуп, Кабагын ачкан мал берип* («Эл адабияты»).

**КАЛЕНДУЛА** Гүлдүн бир түрү.

**КАЛЕТ** Ката, жаңылыштык, туура эместик. *Калети жок кеп. Айткандарыңда калет жок* (Каимов). *Боло калбас калети, Аз аңгеме айтайын* (Тоголок Молдо). *Калса сөздүн калети, Он төрт атты такалап, Сары кан алып келсин де* («Манас»).

**КАЛЕТСИЗ** Катасы жок, туура. *Сагынычты да, коркунучту да, сүйүнүчтү да эне жүрөгү калетсиз билди* («Ала-Тоо»). *Самтыркандын жанагы айткандары эми Арзыкул үчүн калетсиз болду* (Байтемиров).

**КАЛЖА** Төрөгөн аялдарга же оорулууларга берүү үчүн абдан эзилте бышырылган эт.

**КАЛЖАЙ** Сөөктөрү каркайган арык, чоң көрүнүштө болуу. *Калжайган чоң өгүз Кара сакал агында, Калжайып калган чагымда.* («Манас»). *Касабам кыйрап чок болуп, Карышар бирөө жок болуп, Калжайып жалгыз калыпмын* («Сейтек»).

**КАЛЖАЙТ калжай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЖАК: калжак-калжак этүү** Кыймыл-аракети, жүргөн-турганы, сүйлөгөнү орунсуз болуу, калжаңдоо.

**КАЛЖАКТА** Калжак-калжак этүү, келжиреп орунсуз сүйлөө, орунсуз тамашалоо. *Күлтүйгөн семиз сакчы калжактап, өзүнчө эле дайны жок сөгүнүп турду* (Бектенов).

**КАЛЖАКТАТ калжакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЖАКТАШ** Тамашалашуу, бири-бирине калжың сөз айтышуу. *Карыса да кемпирлер, Калжакташат чал менен* (Токтогул).

**КАЛЖАКТОО калжакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЖАҢ** 1. Түз жүрө албай, эки жагына чайпалып, теңселип басуу, калжактап, эбисыны жок кыймылдоо. 2. Калжактап көп сүйлөгөн, келжирек.

**КАЛЖАҢДА** 1. Калжаң-калжаң этүү, калжактап эки жагына чайпала, теңселе басуу. *Картайыңкы тартыптыр, Калжаңдап келе жатыптыр* («Манас»). 2. Оозуна келгенди оттоп сүйлөй берүү, орунсуз сүйлөө. *Балачаканын көзүнчө калжаңдай бергенибиз болбос, аркы-берки кептерди кийин сүйлөшөлү* («Чалкан»).

**КАЛЖАНДАТ калжанда** этишинин аркылуу мамилеси:

**КАЛЖАНДОО калжанда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЖАЮУ калжай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЖЫҢ** Тамаша, бирөөнү тамашалап айткан сөз. *Чотур баягы калжың сөздөрүнөн канча чуратса да, мен аны коштой албадым* (Касымбеков).

**КАЛЖЫРА** Орунсуз сөздөрдү сүйлөп тантырай берүү, келжирөө. *Калжырап айткан сөзүңдөн, Кайнап кетти эт жүрөк* («Сейтек»).

**КАЛЖЫРАТ калжыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЖЫРОО калжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛИБЕТ** *туурасы:* **калыбет.**

**КАЛИБР** Атуучу куралдардын (мылтыктын, пулемёттун, замбиректин ж.б.) сайынын (стволунун) диаметри.

**КАЛИДУЛДА** Алланын чыныгы, ынак досу.

**КАЛИЙ** Шакардуу металлдардын тобуна кирүүчү, тез кычкылдануучу агыш күмүш түстөгү химиялык элемент.

**КАЛИНА** 1. Саргыч гүлдүү жана кызыл мөмөлүү бадал өсүмдүгү. 2. Ушул бадал өсүмдүгүнүн өңү кызыл, даамы ачуу келген жемиши.

**КАЛИТ** *диал.* Кулпунун ачкычы. *Сүйлөшүүгө кеп келет, Калиттүү куржун бек келет* («Эл адабияты»).

**КАЛИТКА** Короого, дарбазага орнотулган кичинекей эшик. *Анна калитканы ача салып, бейтааныш эки адамдын шашыла кетип баратканын көрдү* (Жантөшев).

**КАЛК** Эл, журт, көпчүлүк, калайык. *Калктын баары дүңгүрөп, Кан Манас көздөй басты эми* («Манас»). *Калк айтса, калп айтпайт* (макал). *Калкыма качан кетемин, Камактан бошор бекемин* (Токтогул). *Калк – кара тал, Сиз – терек, Калк кысылса – Сиз керек* (Калмырза).

**КАЛК АТАСЫ** *же* **ЖУРТ АТАСЫ** 1. Эл бийлеген аксакал, билерман. 2. Жетекчи кызматтагы адам. *«Калк атасы ушу» – деп, Кутубий уулу Карадөө Кан көтөрүп салды эми* («Семетей»).

**КАЛКА** 1. Далдаа, калканч, ар нерседен калкалай турган тосмо. *Ысыкта калың чийди калка кылып, көлөкөсүндө жуушап жаткан койлор бешим ченде сууга келишти* («Ала-Тоо»). *Илбирсче Жунуш аңдып, алга жылып, Баратты дөңчөлөрдү калка кылып* (Токомбаев). 2. *өт.* Кыйынчылыктан, кырсыктан сактап калар, колдоо болор жөлөк, тирек. *Бизде калка кылар Ногой жок, Качып кирер токой жок* («Манас»). *Калкасы тиет дебегин, Мына бу каттабаган залимдин* («Саринжи-Бөкөй»). *Калың элдин калкасы Болгон жигит жакшы экен* (Барпы). *Калка болот Манас деп, Ошондуктан көөнүм ток* («Манас»).

**КАЛКААЛА** *туурасы:* **калкала.**

**КАЛКАГАР** Бийик аскалуу, асман мелжиген. *Калкагар тоону жашырган, Карагай менен кайыңы* (Бөкөнбаев).

**КАЛКАЙ калдай** менен бирдей. *Калкайып турган кара таш, Кар болуп эрип кетсе да* (Бөкөнбаев). *Калкайган тоонун артына, Кылкылдап барып күн кирди* (Маликов). *Көрсө көңул бөлүнөт, Суу үстүндө калдактап, Бир калкайган өпкө көрүнөт* («Эр Төштүк»).

**КАЛКАЙТ калкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛКАК** Үстү жагы тосулган, калканчы бар, чүмкөк. *«Үңкүр өтөк» дегендери, зоонун түбү, үстү жагы калкак, короо ордундай ыктоо жер* (Убукеев). *Алдыңкы калкак ташты паана кылып, Жайылып мергенчилер келген болчу* (Токобаев).

**КАЛКАКТА калдаңда** деген менен бирдей. *Мүйүздөрү калкактап, Көп бугу чыгып калыптыр* («Манас»).

**КАЛКАЛА** 1. Бир нерсе менен тосуп калка кылуу, далдаалоо, калканч кылуу. *Аскар алаканын жаагына калкалай коюп катуу кыйкырды* (Сыдыкбеков). *Үчөө тең баштарын калкалап, эт-бетинен кетишти* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Бирөөгө жөлөк, таяныч болуу, ар кандай кырсыктан, кыйынчылыктан сактап, коргоп калуу. *Душмандан калкалап калар азаматтар силер эмессиңерби* («Ала-Тоо»).

**КАЛКАЛАН калкала** этишинин өздүк мамилеси.

**КАЛКАЛОО калкала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛКАЛООЧУ** Ар кандай кырсыктан, кыйынчылыктан калкалап калуучу, таяныч, жөлөк болуучу.

**КАЛКАМАНДА** Калкылдап, көп болуу. *Жалган түш болуп көтөрүлгөн асмандагы ай калкамандап бактынын сапарына аттанып бараткандардын жолун жарык кылгансыйт* (Жантөшев).

**КАЛКАН** 1. Жоокерчиликте найза, кылыч тийбесин деп тосуу үчүн колдонулуучу, металлдан жасалган согуштук курал. *Колумда болот калканым* («Сейтек»). *Кылыч менен чабышып, Калканын тосо калышып* («Эр Табылды»). *Калкандар башта калкылдап* («Манас» С.О.). *Калкан, туулга, чарайна Калтырбастан алганы* («Эл адабияты»). 2. Темирди ширетүүдө бетти, көздү калкалай турган тосмо. *Болоттон бүркүлгөн кызыл учкундар ширетүүчүнүн бетиндеги калкан темирге жаба-жаба берет* (Сасыкбаев). *Жеткен жерде Көкдөөнүн, Башында темир калканын, Конокбай ыргыта коюп өткөнү* («Эр Төштүк»). *Калканды баштан жулушуп, Канжар менен урушуп*

(«Эр Табылды»). 3. Калкалап коюлган нерсе, тосмо. *Мага фанерадан бийиктиги эки метр, кеңдиги бир жарым метр келген калкан жасап беришти* («Жаш ленинчи»). 3. Тирек, жөлөк, калканч. *Ак кагаз сен калканымсың, Тап душманга татырмын* (Токомбаев). 4. Чүкөнүн таа жаккы таманына жакындата калдайтып куюлган кыт. 5. Калдыркан көпөлөк. *Жүргүлө балдар, баралы, Калкан кармап алалы* (Токомбаев). 6. Кулактын калканы.

**КАЛКАНДАЙ** Далдагай, калкан сыяктуу жазы, калдайган. *Ай кулагы калкандай, Алагай көзү чолпондой* («Сейтек»). *Уста калкандай мурутун жанып койду да кебин тыянактады* (Сыдыкбеков).

**КАЛКАНЧ** 1. Ар нерседен далдаалап, калкалап турган тосмо, далдаа. *Кан-сөөлү качкан бир немец, Калканч жерге жетиптир* (Маликов). *Бир аз калканч болот дебесе, башындагы калпак сөрөйүн эчак эле ыргытып жибере турган болуп калган экен* (Убукеев). 2. *өт.* Колдоо, жөлөк, таянч. *Калканч болуп баарыңа, Кутмандыгын билгизди* («Манас»).

**КАЛКАНЧЫ калканч** менен бирдей. *Чек арачылардын кичинекей тобу калканчы кылган коргонуу чебин көздөй каптап жылып келе жатышты* («Ала-Тоо»). *Ага барса бир калканчы тапчудай сезет* (Байтемиров).

**КАЛКАНЧЫК калканч** менен бирдей. *Калканчык чатырчанын көлөкөсүндө кишилер жадырап-жайнап, энелер бышырышкан тамакты ичүүгө отурушту* (Сыдыкбеков). *Ажар шордуу үстүндөгү чапанын чечип, алтыганага жаап, бетине калканчык кылды* (Баялинов). *Кепкасынын калканчыгын тескери, желкесине айланта кийип, Бака аудиторияга адыраңдап чуркап кирди* (Бейшеналиев).

**КАЛКАСЫ ТИЙҮҮ** Жөлөк болуу, колдоо, жөлөө. *Айылчынын калкасы тийип, курсак ток тартып, жон бүтөлүп дегендей, кичине жандары сеп алышкан* (Бейшеналиев).

**КАЛКАЮУ калкай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛКУУ калкы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛКЫ** 1. Суунун же башка суюк нерсенин үстүндө чөкпөй сүзүп жүрүү, чөкпөй калкылдап турган абалда болуу. *Көлдүн, бетинде калкыган чамындыларды, бутактарды жиреп, кайыкты жээкке карай шилеп келдик* («Ала-Тоо»). *Балыгы сууда чалкыган, Куулары көлдө калкыган* (Токтогул). 2. Канаттарын ирмебей, күүлөбөй учуу, каалгып учуу. *Асмандан жерди акмалап, Бүркүтү калкыйт бийикте* (Токомбаев). *Калкып келип жерге түштү баягы, Сүрөт беле, пери беле айдагы* (Шамшиев). 3. *өт* Жай, билинер-билинбес болуп жылуу. *Ай асманда калкып жылып баратат, Алда кайда күмүш нурун таратат* (Үмөталиев). *Салкын жел желип өтүп жаным сергип, Толгон ай бара жатты калкып көктө* (Абдыраманов). 4. Термелип, көйкөлүп туруу. *Сызылып атыр жел жүрсө, Силкинип чөбү калкыган* (Осмонкул). 5. Леп-леп эткен мелүүн жел жүрүү. *Жыпардай сыдырым жел төмөн калкып, Тор талаа эфир менен чайкалгандай* (Токомбаев). 6. *өт.* Ойго батуу, санаага, кыялга чөмүлүү. *Мунарып көзгө илинбей алды жагым, Бараттык түпсүз, чексиз ойго калкып* (Абдыраманов). *Чоң эненин санаасы шамал айдаган булуттан тез калкыды* (Сыдыкбеков).

**КАЛКЫЛДА** 1. Суунун же башка суюктуктун үстүндө калк-калк этип сүзүп жүрүү, калкыган абалда болуу. *Канчалык үмүт үзбөй күткөн менен, Калкылдап кеме минип кайра келбейт* (Осмонов). *Асмандан түшүп буу келет, Калкылдап агып кар келет* (Тоголок Молдо). 2. Абада канат сермебей, каалгый тартып, анда-мында термелип учуу. *Сайрап торгой көкөлөдү абага, Тилин бурап калкылдады абада* (Бөкөнбаев). *Калкылдап учкан канаттуу, Каргашага аң болуп* (Токомбаев). *Калкылдап учкан өрдөк, каз* (Токтогул). 3. Суунун же башка суюктуктун үстү калк-калк этүү. *Жел жүргөндө көлдүн үстү калкылдап, Эригендей көлкүлдөдү балкылдап* (Токомбаев). *Катуулап жамгыр төкпөсө, Калкылдап аккан сел кайда* («Манас»). 4. Теңселип бир орунга тура албоо, калтылдоо. *Бардык нерсе ага чоочун көрүнөт. Вагон ичинде басса да этияттап, жыгылып кетүүчүдөй калкылдайт* (Байтемиров). 5. Жүрөгү көтөрүлүп, кускусу келүү, жүрөгү айлануу. *Жүрөгүм калкылдап турат.* 6. *өт.* Калкылдоо, жайнап, көп болуп көрүнүү. *Калкылдап турган калың эл, Кайрылып бери бурулду* («Манас»).

**КАЛКЫЛДАТ калкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛКЫЛДОО калкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛКЫМА** Кайырмактын калкып жүрмө, чөкпөй турган, балыктын тартканын же илингенин билдирүүчү бөлүгү.

**КАЛКЫТ калкы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЛА** *диал.* Баш. *Эгерде кыштактан бир чатак чыгып кала турган болсо, биринчи силердин каллаңар алынат* (Абдукаримов).

**КАЛЛЕ калла** менен бирдей. *Каллеси тескери айланып калыптыр* (Бейшеналиев).

**КАЛЛИГРАФ** Даана, сулуу жазуучу адам.

**КАЛЛИГРАФИЯ** *пед.* Тамгаларды туура жана сулуу жазуу чеберчилиги. Куш кат.

**КАЛМАК ЖҮРҮШ** Шуртулдатып желип жүрүү. Аттын ыкчамдап желип жорткону.

*Бардыгы анын артында топтошуп, калмак жүрүш менен келе жатышты* (Сыдыкбеков).

**КАЛМАКТАР** *ж.с.* **калмак.** Калмак калкын түзүүчү эл, улут.

**КАЛМАКЧА** Калмак тилинде. *Ким экенин биле албай, Калмакча сүйлөп качырса* («Эр Табылды»).

**КАЛМЫКТАР** *туурасы:* калмактар.

**КАЛМЫШЫНДА** Акырында, аягында, соңунда, эң соңунда. *Калмышында кырк чоро, Айлымды чапты кийикче* («Семетей»).

**КАЛОО кала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛОРИЯ** Жылуулукту өлчөөнүн бирдиги.

**КАЛОШ** Бут кийимди суудан, ылайдан сактоо үчүн сыртынан кийиле турган резина кепич. *Калошун баткак соруп калганын эми гана сезди* (Каимов).

**КАЛП** Жалган, туура эмес, чындыктын бурмаланган түрү. *Калк айтса, калп айтпайт* (макал). *Чындык колуңда турганда, калп эмне кылат* (Жантөшев). *Валя ушинтип, жок жерден калп айтып, курдашынын кычыгына тийди* (Сасыкбаев).

**КАЛПА** 1. Эшендин жолун жолдоочу, ишин улантуучу динчил адам, ушундай адамдын наамы. *Эшен менен энчилеш, Калпа болот дечү эле* (Токтогул). *Биздин аталаш туугандарыбыз жок болгондуктан, жакынсыган тууганыбыз – Кулу калпа* (Жантөшев). *Калпамын деп керилдиң, Манаптардын кашында* (Барпы). 2. Диний тарбия берүүчү, үгүт жүргүзүүчү. 3. *тар.* Кенже топто окугандарга көз салып, көзөмөлдөөчү медресе окуучулары.

**КАЛПАГЫН КӨККӨ ЫРГЫТУУ** *к.* **тебетейин көккө ыргытуу.**

**КАЛПАК** 1. Ак кийизден төбөсүн бийик, төрт кыйык, этегин жазы кылып, түрүп, кайырып коюуга ылайыкталып жасалган улуттук баш кийим. *Аппак кийиз калпактар менен кызыл жоолуктар кылкылдайт* (Бейшеналиев). *Манас, Манас болду эми, Манас атка конду эми, Ак калпакты кийди эми* («Манас»). *Калыйча эң кооз папиктерди кадаган келишимдүү ак калпак жасачу* (Абдукаримов). 2. Жалпы эле башка кийилүүчү жеңил баш кийим, шляпа. *Магазиндерге чий калпак, кышкы калпак дегендер көп болгону түзүк* («Ала-Тоо»).

**КАЛПАКЧЫ** Калпак жасаган, калпак кармаган, калпак тиккен. *Калыйча Жаңы-Арык кыштагы боюнча өтө чебер калпакчы* (Абдукаримов).

**КАЛПТЫ КОЙГУЛАТУУ** *к.* **калпты шыпыртуу.**

**КАЛПЫ** 1. Сүттүн, айрандын же башка суюк нерсенин бетиндеги калың катмарын (каймагын, майын ж.б.) үстүртөн жукалап алуу. *Калпып жеп тандап каймагын, Карабай үйдүн айранын* (Шүкүрбеков). *Сүттүн үстүн калпып, талкан мыкчып жегенди жакшы көрүшө турган* (Жантөшев). 2. *өт.* Аз-аздан кымтып алуу, билгизбей кичинеден алып жештин амалын кылуу. *Кампага түшкөндөрдөн калпыбай коё албайсың го!* («Чалкан»).

**КАЛПЫС** Жаздым, таамай эмес, күмөндүү, орунсуз, оңтойсуз. *Калпыс айтылган пикир. Четине калпыс коюлгандыктан, чайнек столдун үстүнөн кулап кетти. Ташты калпыс басып алгандыктан, бутун оорутуп алды. Калпыс сөз айтып алып, көпкө өзүнө келе албай уялып отурду.*

**КАЛПЫЧЫ** Калпты көп айткан, туура сүйлөбөгөн, жалганчы. – *Кыздарыңдын баарын тааныйм десем калпычы болормун* («Кыргызстан аялдары»). *Ата, өзүң калпычы болбо дебедиң беле* (Бөкөнбаев).

**КАЛТ: калт-калт этүү** Бир калыпта тура албай, калтыроо, калтылдоо. *Карынын калтыраган колундагы чайы калт-калт этет* («Ала-Тоо»). *Калт-калт этет колу, Аябаган долу* (Шүкүрбеков).

**КАЛТА** Баштык. *Аркасында асынган Калта болот дечү эле* (Токтогул). *Аяшпай той ээлери берип жатты, Эгинге толтурушуп калта, капты* (Үмөталиев). *Жанчыгымда бар эле, Сары алтындан бир калта* («Манас» С.О.). *Күмүш капкак, мүйүз чакчасын бай жан калтасынан сууруп чыкты* (Сыдыкбеков). *Калтасына салып алып, камырабай басып кете бермекчи экен да!* («Чалкан»).

**КАЛТААР калтаары** менен бирдей. *Эмне кыларын биле албай, калтаарган бойдон кала берди* («Чалкан»).

**КАЛТААРУУ калтаары** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛТААРЫ** Корккондо, сүрдөгөндө, бир нерседен коопто нгондо, шаштысы кетип, апкаарып калуу, батына албай, оңтойсуздана түшүү, эмне кыларды билбей калуу. *Майлыбай саал калтаарып, ыза боло түштү* (Токомбаев). *Жамийла калтаарып, уялып калды* (Баялинов). *Батийна калтаарып, жашын төгүп, аргасыздан аттанды* (Сыдыкбеков).

**КАЛТААРЫТ калтаары** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛТАЙ** (терс формада гана колдонулат). Ийменүү, уялуу, абийир сактоо. *Кайнага калтайбаса, келин келтейбейт* (макал).

**КАЛТАҢДА** Кубаты кетип, бир калыпта тура албоо, түзүктөп баса албай калтылдоо, калч-калч эткен абалда болуу же шашкалактап, эмне кыларын билбей калуу. *Карып болуп калтаңдап, Аркалап отун тамтаңдап, Чөлдө өлмөк экемин* («Сейтек»). *Окучу, кагылайын, окуп жиберчи! – деп эне да калтаңдап калды* («Жаш ленинчи»).

**КАЛТАР** 1. Кылдарынын учу агыш, кызгылт тарткан жылтылдак кара түстүү түлкү. *Калтар түлкү капталында жойлогон, Суктандырып суусар сууну бойлогон*

(Осмонкул). 2. Ушул айбандын териси. *Калтардан канча түлкү алган, Казына болор мүлк алган* (Тоголок Молдо). *Тебетей кылып кийгидей, Бир калтар бергин энчилеп* (Токтогул).

**КАЛТАРЫ калтаары** менен бирдей. *Күмүшай саал калтарый түшүп, буйдалып калды* (Токомбаев).

**КАЛТЕК** Оор нерсени жөлөп түртүүгө же көтөрүүгө ылайыкталган жумуру таяк. *Мына дагы бир зор таш. Өстөнчүлөр бат эле ал ташты айланта үңүп, туш-туштан калтек согушту* (Сыдыкбеков).

**КАЛТООРУ** *туурасы:* **калтаары**. *Мусабек абышка калтооруп, селдее калды* (Сасыкбаев).

**КАЛТЫЛДА** 1. Калт-калт этип солкулдоо, чайпалып же кыймылдап туруу. *Муңун айтпай Курманбек, Муундары калтылдап* («Курманбек»). *Калтылдап толкундагы жел кемедей* (Токомбаев). *Эс эноо, ой дарыя, тек кайык минип калтылдагансыйт* (Жантөшев). 2. *өт.* Коркуу, батына албай сестенүү. *Калтылдап айбатыңдан батына албай, Кан ичкич агрессорлор туталанат* (Нуркамал). *Ошондуктан бардык душман, Батына албай калтылдайт* (Маликов).

**КАЛТЫЛДАК** Калтылдама, калт-калт этип турма, солкулдак. *Биз калтылдак көпүрөдөн өткөн соң оңго бурулдук да, улам өр тарта жээктеп жүрүп кеттик* (Касымбеков). *Калтылдак баш абышканын айласын кетирдиңерби* («Чалкан»).

**КАЛТЫЛДАТ калтылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛТЫЛДОО калтылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛТЫР I** Калтырап турган, калт-калт эткен. *Калтыр баш.*

**КАЛТЫР II кал III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛТЫРА** 1. Чыйрыкканда, катуу үшүгөндө, кубанганда, коркkondo, ачуусу келгенде ж.б. учурда токтоно албай титирөө, калч-калч этүү. *Ал кубанганынан калтырап да кетти* (Токомбаев). *Калтырап коркуп тургандай, Кайратсыз өскөн жан белем* (Бөкөнбаев). *Калтырабай үйгө кирчи, үшүп кеткен тура!* («Ала-Тоо»). *Тоту ачуусуна чыдай албай калтырап, өңү кумсарып турду* (Жантөшев). *Батыш калтырап коркуп, азга эшик ачкан жок* (Байтемиров). 2. *өт.* Сарандык кылуу, дүнүйөгө, оокатка кароо болуу, зыкымдануу. *Жанынан беш тыйын чыкса калтырайт.*

**КАЛТЫРАК** Дененин калтыраган абалы, токтоно албай калтыраган көрүнүш. *Карыптын бүткөн боюн калтырак баскан сыяктуу муундары дирилдейт* (Абдукаримов). *Муундарын калтырак баскан Айгүл Кемелди жалдырай карады* («Ленинчил жаш»).

**КАЛТЫРАМА** Бүткөн бойду калтыратып, чыйрыктырып кармай турган оору (мис, безгек). *Калтырама оору тийгенсип, калтырай түштү* («Советтик Кыргызстан»).

**КАЛТЫРАТ калтыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛТЫРАТМА калтырама** менен бирдей. *Анын колу кадимки безгектин калтыратмасындай болуп калчылдайт* (Абдукаримов).

**КАЛТЫРОО калтыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛТЫРТ калтыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛТЫРУУ калтыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛТЫРЫЛ калтыр** этишинин туюк мамилеси.

**КАЛТЫС** Калпыс, ишенимсиз, ишеничи жок. *Замандын ушул калтыс эрежеси калың букаранын шоруна түзүлгөндөй* (Сыдыкбеков). *Мен турмушумда бир жаңылдым... мындан ары калтыс баспайм го дечү элем* («Ала-Тоо»).

**КАЛУУ кал III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЧ: калч-калч этүү** Ачуусу келгенде, коркkondo, үшүгөндө ж.б. учурда мууну токтобой титирөө, калтыроо, калчылдоо. *Иса молдонун денеси муздак суу сепкендей калч-калч этип, өңү кумсара түштү* (Сасыкбаев). *Ызасы кайнаган узун жигит калч-калч этет* (Сыдыкбеков).

**КАЛЧА I** 1. Түрү суук, өңү серт. *Жок, мен саруумун, сен мени кайдан көрдүң эле? – деди узун бойлуу, кең көкүрөк, калча киши* (Токомбаев). *Көркү калча, көзү тик (*«Манас»). 2. «Манас» эпосунда Коңурбайга карата айтылуучу эпитет. *Кечилдин каны эр калча, Айласы мыкты Коңурбай, Атаңды аңдып жетиптир* («Манас»). 3. Эпостук чыгармаларда «сакчы», «кароолчу» деген мааниде айтылат. *Кырк калчасы жанында Картайса да карыя, Катуу жаңжал салыптыр* («Сейтек»).

**КАЛЧА II** 1. Саканы же бир нече тараптын атынан чыгарылган чүкөлөрдү жерге жая таштап, оюнду ким мурда башташ керек экенин аныктоо, дарттикем оюнунда чүкөлөрдү жая таштап атуу. *Төрт куу чүкөнү тазалаган жерге калчай башташты.* (Сасыкбаев). 2. Топ таштын таштарын экчей таштап алуу. 3. *өт.* Бирөөнү убара кылуу, шакаба чегүү. *Адамды калчай бербей, айтайын дегениме жооп бериңиз* («Ала-Тоо»)! *Мени шакаба чегип, ары-бери калчагысы келет* (Бейшеналиев).

**КАЛЧАГАН ЧҮКӨСҮ АЛЧЫ КОНУУ** Иши оңунан чыгуу, иши илгерилей берүү. *Дайыма калчаган чүкөң алчы конордо ыктытып жүрөсүң* («Чалкан»). *Боке, калчаган чүкөң алчы конуптур, ишиң илгери бо-*

*луптур, куттуктайбыз...* («Чалкан»). **В.: Калчаган чүкөсү алчы туруу.** *Күзгү кеч аңыз бойлоп, Калчаган чүкөсү алчы туруп* («Чалкан»). **Калчаган чүкөсү алчы түшүү.** *Калчаган чүкөсү алчы түшүп, дагы да аны азгырат, Сансыз ой кучагына батырып* («Ала-Тоо»). **Өкчөгөн чүкөсү алчы түшүү.** *Азыр сенин өкчөгөн чүкөң алчы түшүп турган кези да* («Ала-Тоо»).

**КАЛЧАТ калча II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЧОО калча II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЧЫЛДА** Калч-калч этүү, калтыроо (үшүгөндө, корккондо ж.б. учурларда). *Гүлайым безгек болгон кишиче калчылдап кетти* (Абдукаримов). *Калмактардын бийчиси, Калчылдап бийлеп алыптыр* («Эр Табылды»). *Ачка болгон аттар калчылдап, өзүбүз кайыктык* (Каимов). *Акылай бороонду көкүрөгү менен жиреп, көчөгө чыкты да, ызгаардуу суукка калчылдап, Сапар келчү жакты үңүлүп карады* («Ала-Тоо»).

**КАЛЧЫЛДАК** Калтырама, калч-калч эткен, калчылдаган абал. *Сулаймандын түрсүлдөгөн жүрөгү саал жайлап кагып, денесинин калчылдагы токтогонсуйт* (Осмоналиев). *Оозунан сөзү ыргып, денесин заматта калчылдак аралады* («Ала-Тоо»).

**КАЛЧЫЛДАТ калчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЧЫЛДОО калчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЫ КИЛЕМ** Жогору сапаттагы жүндөн токулган, кымбат, баалуу, кооз, өтө чоң килем. *Калы килем токуган, чий кармаган, өрмөк соккон уздардын кыймыл-аракетине көз салып турбай, чериктердин жоо жарактарын, даярдыгын көргөнү басты* (Субанбеков). *Каркыранын төрүнө, Кары килем салдыртып* (Дүйшеев).

**КАЛЫБЕТ** Күчтүү, кайраттуу, оор басырыктуу, салмактуу, даражасы жогору, терең. *Калыбет жигит. Калыбет терең ойлогон, Инженер чыкты жериңден* (Турусбеков).

**КАЛЫБЕТТҮҮ калыбет** менен бирдей. *Калыбеттүү жигит.*

**КАЛЫБЫ** Болжолдоо, чамалап көрсөтүү маанисинде колдонулат. *Калыбы, алыстан келген го* (Сыдыкбеков). *Калыбы, дагы нечен сыйлыкты алар* («Советтик Кыргызстан»).

**КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ** Мурунку абалына, мурунку ордуна келүү, баштагысындай болуу. *Аз күндө айыгып бул жарат, Калыбыма келермин* («Эр Табылды»). *Акырындап ыйы тарап, өңү өзгөрүп, мурдагы калыбына келе баштайт* (Байтемиров). *Карыптын кылычтай келишимдүү мурдунун таноолору бирде көбө түшүп, бирде кайра калыбына келет* (Абдукаримов).

**КАЛЫБЫНЧА** Мурдагыдай, мурда калыбы боюнча, эч өзгөрүүсүз, турганындай. *Биздин кыштак кыйла өзгөргөн экен. Мурунку калыбынча турган бир да үй жок* («Ала-Тоо»). *Жакшы устага алып барсаң, Сынып калган буюмуң, Калыбынча жасалат* (Осмонкул). *Айылдагылар калыбынча жайбаракат жаткан эле* («Чалкан»).

**КАЛЫЙПА** XII к. чейин Мухаммедден кийин араб элин башкарган адамдар, халиф. *Калыйпадан кат алган, Он эки пирге кол берген* («Манас»).

**КАЛЫК** *туурасы;* **калк.**

**КАЛЫН кал III** этишинин өздүк мамилеси. *Эске алынбай калынбасын.*

**КАЛЫҢ I** Күйөөгө чыккан кыздын ата-энесине кудалар тарабынан берилген мал-мүлк. *Ак Саткын кыздын калыңын берген, Алуучу күндүн үчүрү келген* (Осмонов).

**КАЛЫҢ II** 1. Жука эмес, кабаттуу, катмарлуу. *Калың кийим. Кыртышы калың кабырга.* ‖ *Табагына каймагы калың турат* (Сыдыкбеков). *Таңга жакын кар калың болуп тизеге жетти* (Убукеев). *Кечмеликтен башка жерде жээк кууш келип, дал ортосуна чейин калың муз менен капталган* (Каимов). 2. Өтө көп, жер жайнаган. *Көкдөө минтип айтканда, Каяша кылган бир жан жок, Унчукпай турду калың топ* («Эр Төштүк»). *Бул жайылып жаткан калың малга көз болор адам бардыр дейм* («Ала-Тоо»). *Калың эмгекчи элдин бакты-таалайы үчүн күрөшүш керек* (Жантөшев). 3. Өтө жыш, коюу. *Калың токой. Калың карагай. Камышы калың чыккан өзөн.*

**КАЛЫҢДА** 1. Калың кылуу, калың болуу. *Кийизди калыңдап салып отургула* («Чалкан»). *Кары калыңдап, бороону борошолой берди* (Убукеев). 2. Жыш болуу, көбөйүү, коюулануу. *Карагайдын бутактары калыңдай баштады* (Сыдыкбеков). *Калыңдап бүр байлаган гүлдүн шагы* (Бөкөнбаев). *Уламдан-улам күн калыңдап бүркөлүп келет* (Жантөшев). 3. Жылуулануу, кийимин калың кийинүү. *Үйүңө барып, бир аз калыңдап кийинип келе койсоңчу* («Ала-Тоо»).

**КАЛЫҢДАН калыңда** этишинин өздүк мамилеси.

**КАЛЫҢДАТ калыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЫҢДОО калыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЫҢДЫК** Калың экендик, бир нерсенин калың болуп көрүнүшү. *Кийиз канча калыңдык кылса да, жердин сызы өтүп, отурууга мүмкүн болбой баратат* («Ала-Тоо»). *Калыңдыгы эки эли чыккан казыдан тарт- тырды* («Чалкан»).

**КАЛЫҢЧА** Калыңыраак. *Калыңча ээрдин чормойтуп, Зарлык Даниярдын кулагына шыбырады* (Бейшеналиев)

**КАЛЫП** 1. Нерсенин же буюмдун фор-

масын түшүрүү, формага салып куюу же тигүү үчүн колдонулуучу үлгү, кеп. *Калыпка салып тигүү. Калып менен кыш куюу. Ок куюучу калып. Эмне үчүн байкуш баланы калып менен башка коёт, чоң эне?* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир абал, турган турпат, көрүнүш. *Эрке кыз жылмайган калыбын жазбай, кеп сала берди* (Байтемиров). *Мал семирип, калыбына жеткидей болду* («Ала-Тоо»).

**КАЛЫП АЛУУ** 1. Көнүп калуу, көнүмүшкө, адатка айлануу. *Жедеп ага калып алып калганбы, Күмүш жанатадан бери бир канча ирет эки жагын каранып, кылчактай берди* («Ала-Тоо»). *Башын элпек ийкеген Бакен Гуля эжекесине калып алып, андан карыш бөлүнбөй калды* (Өмүрбеков). 2. Орунтукталуу, белгилүү бир калыпка келүү.

**КАЛЫП ТАШ** *аңч.* Ичинде шар формасындагы оюгуна коргошун куюп, ок даярдоо үчүн бири-бирине кыналып беттелген таш.

**КАЛЫПКА КУЮУ** Зергерчиликте буюмга оюм-чийим түшүрүүчү ыкма.

**КАЛЫПТА** Белгилүү формага келтирүү, куюу же тигүү үчүн калыпка салуу, калып менен иштөө.

**КАЛЫПТАН** 1. Калыпка келүү, белгилүү бир формага, калыпка салынуу. 2. Мурдагы абалына келүү, мурунку калыбынча болуу.

**КАЛЫПТАНДЫР калыптан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЫПТАНУУ калыптан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЛЫПТАТ калыпта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЛЫПТОО калыпта** этишинин кыймыл атоочу,

**КАЛЫС** 1. Туура сүйлөгөн, чындыкты айткан, баарына тегиз караган адилет. *Оо калк башкарган карылар, Калыс ниет баарыңар* (Калмырза). *Ар кайсыны тең ойлойт Азамат эрдин калысы.* (Осмонкул). *Мен калыс адаммын* (Убукеев). 2. Эки тарапка тең кошулбаган, эч бирөөгө тартпай, маселени адилет чечкен. *Үйүмдү соодалашып жүрбөй, калыс кишилер айткан баа менен саттым* (Абдукаримов). *Кара боор калып калды деп, Калыстар айтып салыптыр* (Тоголок Молдо). *Жыйналышта эч бир сунушка кол көтөрбөй, калыс калган адамдар да болушту* («Ала-Тоо»).

**КАЛЫСТЫК** 1. Калыс мамиле кылуучулук, чынчылдык, баарына тегиз караган адилеттүүлүк. *Кашымдагы калың эл, Калыстык менен мени көр* (Шүкүрбеков). *Ханыңар кандай жан экен, Калыстыгы бар бекен?* («Эр Табылды»). 2. Эч бир тарапка кошулбай, калыс кылуучулук, эки тарапка тең бирдей мамиле кылуучулук.

**КАЛЫШ** 1. **кал III** этишинин кош мамилеси. *Көңүл калыша тургандай иш кылганыбыз жок эле* («Чалкан»). 2. (терс формада колдонулат). Бири-биринен калбоо, бирине бири тендеш, чамалаш болуу, алдырып жибербөө. *Табына жетип таптаса, Куш калышпайт шумкардан* (Осмонкул). *Уулуңду болсо дейсиң эр акылман, Эч кимден акыл жактан калышпаган* (Үмөталиев).

**КАЛЬКА** 1. Чиймени же сүрөттүн көчүрмөсүн так түшүрүү үчүн колдонулуучу тунук жылтырак кагаз же кездеме. 2. Ушундай материалга түшүрүлгөн чийменин же сүрөттүн көчүрмөсү, үлгүсү. 3. *лингв.* Сөздүн же сөз айкалышынын экинчи бир тилге сөзмө-сөз которулушу (мисалы: орусча **железная дорога** – кыргызча **темир жол).**

**КАЛЬКАЛОО** 1. Калькага түшүрүү, калька менен көчүрмөсүн, үлгүсүн алуу. 2. Калька жолу менен башка тилдеги сөз же сөз айкалышын экинчи бир тилге которуу.

**КАЛЬКУЛЯТОР** 1. Эсептөө, эсеп чыгаруу курал. 2. Калькуляция боюнча адис, калькуляция түзүүчү.

**КАЛЬКУЛЯЦИЯ** Товардын өздүк наркын, сатып алуу жана сатуу наркын ж.б. эсептеп чыгаруу.

**КАЛЬЦЕКС** Хлордуу кальций менен уротропиндин тузунан жасалып, грипп оорусуна колдонулуучу дары.

**КАЛЬЦИЙ** Акиташтын, мрамордун ж.б. составына кирүүчү күмүш мисалдуу ак түстөгү металл, химиялык элемент.

**КАЛЭЭТ** Укмуш, мыкты.

**КАМ I** 1. Бир нерсеге даярдык, камылга, кандайдыр бир ишке, оокат-тиричиликке камылга көрүү, күтүнүү аракети. *Бала-чаканын камын ойлогон элем* (Жантөшев). *Жаман адам белгиси өз камы үчүн жүгүрөт* (Токтогул). *Конок камын жейли, балдар, жүргүлө, отура бергенибиз болбос! – деп энебиз аш үйгө карай басты* («Ала-Тоо»). 2. Даяр, белен, даярдалган, камдалган. *Жол азыгы кам болдубу? Аспаптары кам.*

**КАМ II** Кайгы, муң, зар. *Кайра баштан жүрөгү Камга толду, Токтогул* (Барпы).

**КАМ III** 1. Бышпаган, бышып жетиле элек, көк, чийки (эгинге, жемиштерге ж.б. карата). *Кам орулган арпа. Кам өрүк. Эгиндин бир аз кам кезинде орулганы күбүлүп кетүүдөн сактайт* («Ала-Тоо»). *Кам каймак.* 2. Ашатуу, ийлөө жолу менен иштетилбеген (териге карата). *Кам тери. Бутумдагы кам чокой, Жыртылганын карагын* (Барпы). 3. *өт.* Чала, толук бүтүрүлбөгөн, аягына чыгара иштелбеген. *Ишти кам кылып койду* (Абдукаримов).

**КАМ ЖЕ** Камкордук кылуу, камылга көрүү. *Москва шаар экенсиң койнуң кенен, Тилектеш дүйнө элинин камын жеген* (Жантөшев). *Мына эми Адылбек келген адепки күндөн мектеп үчүн кам жеп, окуучулардын сабакка катышуу, жетишүүсү так көзөмөлдөнүп, мектептин ички-тышкы*

*тартип-тазалыгы колго алынып баары жаңырды* (Өмүрбаев).

**КАМ ЖЕБӨӨ** Ойлоп тынчсызданбоо, убайым тартпоо, санаркабоо, камырабоо. *Ата сиз бизден кам жебеңиз, үйгө кете бериңиз, жолуңуздан кечикпеңиз* («Ала-Тоо»). **В.: Кам санабоо.** *Силер тыяктан кам санабай иштей бергиле* (Турусбеков). *Күлжан экөөбүз барда иштен кам санабаңыз* (Байтемиров).

**КАМ-ЖЕМ АЛБАЙ** Тынымсыз, кайра-кайра, үстөкө-босток. *Анын кызы болсо керек, кам-жем албай кечки саат онго жакын телефон чала берди* («Кыргызстан маданияты»).

**КАМ УРУУ** Камдануу, даярдык көрүү. *Балдар менен булкушуп, Күч сынашып турмакка, Кандай болсо кам урат, Көтөрүп жерге урмакка* (Токтогул). *Журт оокатына кам урду* (Баялинов).

**КАМА I** 1. Туш-тушунан курчоого алуу, тегеректеп имерүү, короого же башка жайга чыгарбай бекитип коюу. *Каршы-терши найзалап, Кара шаарга камады* («Курманбек»). *Камап турган бул жоого Качырып кол саларбыз* (Турусбеков). *Койлорду бир коктунун ичинде камай бербей, от жерлерге алып чыгып жайсаңар боло* («Ала-Тоо»). *Мал камай турган сарайыбыз болбосо, ушинтип ачык талаага түнөткөндөн башка айла барбы.* («Ала-Тоо»). 2. Камакка алуу, түрмөгө салуу, отургузуу. *Караңгы тамга камады, Какшатып кыйнап жанымды* (Токтогул). 3. *өт.* Бирөөнү сөзгө жыгып, уялтып кысымга алуу, сөз менен опузалап, айласын кетирүү. *Ыргыштаган Гавриловду сөзгө камаган Даша табасы кангандай болуп кете берди* (Сасыкбаев). *Катын, эркек калбай жүр, Ортого камап алалы* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КАМА II** Быша элек көк жемишти (алма, өрүк ж.б.) жегенден улам тиш какшап ооруу. *Тоң алма жейм деп тишимди да камап койду* («Ала-Тоо»).

**КАМААРА камыра** менен бирдей. *Айкөлүң койбой камаарап, Артын ойлоп билбеди* («Манас»). *Эч нерседен камаарабай отуруш Камалбекти акбай таң калтырды* (Жантөшев). *Эринин жети түндө келгенине камаараган да жок* (Сыдыкбеков).

**КАМАК** Камалгандарды отургуза турган түрмө, камоого алынуучу жай.

**КАМАЛ I** Камалып турган абал, кыйынчылык, оор шарт. *Мал бакканча, илим бак, Түшпөйсүң туюк камалга* («Жазгыч акындар»). *Жамбашымдан сыз өтүп, Жаттым түрмө камалда* (Токтогул).

**КАМАЛ II кама I** этишинин туюк мамилеси.

**КАМАЛ III** Чеп, коргон, тосмо.

**КАМАЛА** Тегерете курчоого алуу, камап кирүү, тосуу, кысымга алуу. *Капарсыз жаткан ордону, Туш-тушунан камалап* («Семетей»). *Ортого алды камалап, Камчы менен сабалап* (Барпы). *Көрүп турган байманап, Ого бетер камалап* (Тоголок Молдо).

**КАМАЛОО камала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМАЛУУ** Камап коюлган, камалган. *Камалуу мал. Камалуу адам.*

**КАМАН** 1. Жапайы чочко. *Кырчындуу ткейден жапайы каман да жолугат* (Сыдыкбеков). *Экөөнүн алдынан каман чыкты* («Жомоктор»). Бакма чочконун эркеги. 2. *өт.* Зулум, канкор, бирөөгө жакшылык кылбаган кара ниет, кан ичкич. *Кармалып үчөө жолукту, Азуусу бычак каманга* (Тоголок Молдо). *Күрсүлдөөчү ошолор, Каманындай дүйнөнүн* (Калык).

**КАМАНДЕК** *диал.* Кантала. *Түндөсү камандек талап уктатпайт.*

**КАМАР** Белбоо, бел кур.

**КАМАРА камыра** менен бирдей. *Динар баятан камарабай келаткан* (Сыдыкбеков).

**КАМАТ I кама I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМАТ II кама II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМБАЛА** Дене түзүлүшү жалпак, көздөрү бир гана жаккы жалпак бетинен орун алган, азык үчүн колдонулуучу деңиз балыгы.

**КАМБАР** Өзгөчө касиети бар мыкты жылкы. *Абаң Бакай кашында, Акша камбар башында* («Манас).

**КАМБАР АТА** Түрк тилдүү мусулман элдеринде жылкынын пири, колдоочусу.

**КАМБАР ТЕП** Кыргыздар байыртадан колдонуп келишкен жеке кармаштын түрү.

**КАМБАРСУУ камбарсы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМБАРСЫ** Өзүн өзү мыкты саноо, эч нерсени тоотпоо, камырабас, кыйын көрүнүү. *Жүрөктүн толто башы деп, Актинтени салды эле, Камбарсыган Канчоро, Жер кучактап калды эми* («Сейтек»).

**КАМБУЗ** Кемелердеги тамак даярдалуучу ашкана.

**КАМБЫЛ** 1. Сарамжалдуу, ар нерсеге камы бар, даярдык көрүп, камынып койгон. *Жанболоттун атасы камбыл киши болучу* (Шимеев). *Бурма оокатка камбыл, шайыр киши* (Бөкөнбаев). 2. Шамдагай, ар нерсеге маш, машыккан, чыйрак. *Чаң көзүнө толо элек, Чабышка камбыл боло элек* («Манас»). *Найзага камбыл маш болгун, Төштүк!* («Эр Төштүк»).

**КАМБЫЛДЫК** 1. Ар нерсеге кам көрө билген сарамжалдуулук, жыйнактуулук, тыкандык. *Кышка карата камбылдык болбосо, кычыраган кышкы суукта суусуз калууга болот.* (Абдукаримов). *Тектирчедеги үймөктөр камбылдыктын шааниси сыяктуу көз кумарын кандырат* (Байтемиров). 2. Чыйрактык, эптүүлүк, машыккандык. *Казан суудан көрүнсө, Камбылдыгың сала*

*көр, Төрт Маамыт менен бешөөлөп, Тезинен тартып ала көр!* («Эр Төштүк»).

**КАМВОЛДУК** Жүн иштетүүчү, жүндү тытып, ийрип, кездеме токуучу. *Камволдук токуу. Камволдук комбинат.*

**КАМГАК** Талаада жана чөлдөрдө өсүүчү, бышып, куурап калган кезинде шамалга туруштук бере албаган эбелектей жеңил өсүмдүк. *Илмеңдеп учкан камгактар, Илептүү желге куудурайт* (Токомбаев). *Бир далай камгак калдаңдап учуп бирин-бири кубалап, чыгышты көздөй шашат* (Байтемиров).

**КАМДА** Даярдап коюу, белен кылуу. *Сага жолго каражат керек болор, аны камдап Шакир акеге беребиз* (Бектенов). *Алтыныма үч шырдамал, үч ала кийиз, эки килем камдадым* (Каимов). *Сен мага ат камда* («Чалкан»). *Жылуу кийим камдайлы, Кыш мезгилде киерге* (Тоголок Молдо).

**КАМДАЛ камда** этишинин туюк мамилеси.

**КАМДАН** 1. Даярдык көрүү, белен болуу, бир нерсеге карата кам жеп, беленденип туруу. *Жолго чыгууга камдана баштадык.* 2. Оңтойлонуу, бир нерсени аткарууга, иштөөгө онун келтирүү. *Уруп жиберүүгө камданып, Колун көтөрүүгө чейин барды* («Чалкан»).

**КАМДАНУУ камдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМДАТ камда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМДЕС** *диал.* Эпсиз, эби жок, тажрыйбасыз. *Камдес мерген карайган кырды атат* (макал).

**КАМДОО камда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМДУУ** Камы бар, ар нерсеге кам көргөн, беленденген, даярданган, камкор.

**КАМЕК** 1. *диал.* Бакча өсүмдүктөрүнүн бышпай, жетилбей калганы. *Камек анделек.* 2. Бак дарактын көк сабагынын ушуга окшош жыты. *Дубалдардан артылып, бутактарын көчөгө сунган өрүктөрдүн кабыгынан кандайдыр билинер-билинбес жибиген камек жыт келет* (Айтматов).

**КАМЕЛИЯ** Түштүктө өсүүчү, ак же кызыл түстөгү жыттуу гүлдөрү бар, дайыма көгөрүп туруучу бадал же дарак өсүмдүгү. *Бир жылда эки гүлдөгөн магнолия, камелия, мимоза дарактары да ушунда* (Баялинов).

**КАМЕНЩИК** Таштан же кирпичтен ар кандай курулуш тургузуучу жумушчу. *Султанаалы адегенде бетонщик, андан кийин каменщиктин кесибин үйрөнүүнү каалады* («Советтик Кыргызстан»).

**КАМЕРА I** 1. Айрым мекемелерде же уюмдарда жүктөрдү сактай турган өзүнчө бөлмө. *Багаждарды сактай турган камера.* 2. Машинанын (техникалык жабдуунун, прибордун же курулуштун) ичиндеги туюкталган көңдөй жер, боштук. 3. Футбол, волейбол тобунун, шинанын ж.б. ичине киргизип, жел толтуруучу резина баштыкчасы. 4. Сүрөт тартуу үчүн ичине пластинка же пленка салынып, жарык киргизбей турган фотоаппараттын ички бөлүгү.

**КАМЕРА II** Түрмөгө түшкөн адамдарды камоочу атайын бөлмө. *Мыкаачылар Таабалдыны отуз үчүнчү камерага камашты* (Бектенов). *Камеранын каалгасын ачып, орто бойлуу үч адам шырп кирип келишти* («Жаш ленинчи»).

**КАМЕРДИК** Чакан имаратка, чакан угуучуларга арналган, азыраак аспап, азыраак үнгө ылайыкталып жазылган музыкалык чыгарма.

**КАМЕРТОН** *муз.* Катуу нерсеге урганда, музыкалык инструменттерди күүгө келтирүү же хордо аткарылуучу ырдын үн бийиктигин аныктоо үчүн негизги тон катары колдонулгудай дабыш чыгара турган, болоттон эки ача кылып жасалган атайын аспап.

**КАМИН** Европа өлкөлөрүндө кеңири таралган үйдү жылытуучу очок, меш. *Каминдеги чоктор корго өтөт, Кор жүлүнү жылып морго өтөт* (Пушкин).

**КАМКА** Алтын же күмүш жип аралаштырылып согулган бышык жибек кездеме. Кээде ошол кездемеден тигилген кийим. *Камканы кайрып бүктөшүп* («Манас» С.О.). *Камкасын кайра бүктөдү, Качырга кошуп жүктөдү* («Эл адабияты»). *Кара атымды мингендер, Камка тонум кийгендер* («Курманбек»). *Сүйүнчүм бар алуучу, Ат токуп, камка тон бергин* («Мендирман»).

**КАМКОР** Кам көргөн, камбыл, сарамжалдуу. *Жүрөк кубантарлык бир сөз айтпаган менен, ал мага дайыма камкор* («Ала-Тоо»). *Мээримин төгүп жалпыга, Камкорум келип калыптыр* (Калмырза).

**КАМКОРДОН** Кам көрүү, бир-нерсенин камын жеп, аракет кылуу.

**КАМКОРДУК** Сарамжалдык, бирөөгө же бир ишке кам көрүп, көңүл бөлгөндүк, жардам көрсөткөндүк. *Ишке камкордук кылуу. Совет өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып, өстүрүп жатат* (Баялинов).

**КАМКОРЛУК камкордук** менен бирдей.

**КАМКОРСУ** Бирөөгө же бир ишке өзүнүн көңүлүн бөлүп, кам көргөнсүү, камкордук кылгансып көрүнүү.

**КАМКОРСУН камкорсу** этишинин өздүк мамилеси.

**КАМКОРСУУ камкорсу** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМКӨШ** Чала. *Ишти камкөш бүтүргөн неме экен. Нан камкөш бышып калыптыр.*

**КАМОО кама** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМООЛО** Камоого алуу, камап туруу. *Жоо тегеректеп, Камоолоп турган кез эле* («Ала-Тоо»).

**КАМПА** Дан эгиндерин, азык-түлүктү,

буюм-теримди ж.б. сактай турган атайын үй, жай, склад. *Так кампанын оозуна чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбейт* (Айтматов). *Ошол күнү Сагымбайдын эгин кампасынан да өрт чыгып, көпчүлүктүн күчү менен араңдан зорго өчүрүштү* (Абдукаримов).

**КАМПАЙ** Чоң, чыңалып турган көрүнүштө болуу. *Кай бирлери кампайган куржундарын атка арта салып алышкан* (Каимов). *Курсагы кампайып, кара ала өгүз онтоп дем ала баштады* («Ала-Тоо»). *Үстүбүз бүтүн болуп, карын кампайып тойсо болгону, садагасы* (Элебаев). 2. *өт.* Өзүн жогору сезип, көтөрүлүү, мактануу, компоюу. *Калкын жоодон тоспосо, Кампайып жүргөн эр жаман* («Мендирман»). *Бир жакшы бардаңкем бар эле, ошону бердим деп, кампайып койду кубакай жигит* («Ала-Тоо»).

**КАМПАЙТ кампай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМПАЛА** Кампага толтуруу, кампага салып сактоо. *Арпа, буудай күрүчтү, Кампалап койчу ким эле?* (Токомбаев).

**КАМПАЛОО кампала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМПАНИЯ** 1. Белгилүү мезгил ичинде тиешелүү бир ишти муктаждыгына карата ургаалдаштырып жүргүзүү, чукулунан келип чыккан маселелерди, жыл мезгилинин өзгөчөлүктөрүнө, тигил же бул жердеги жагдайдын кыйла өзгөрүшүнөн улам пайда болуучу иш чараларды бүткөрүүнү кескин түрдө активдештирүү. 2. Кезектеги маанилүү ишти аткарууга багытталган коомдук-саясий, чарбалык ар кандай чаралар, милдеттер. *Шайлоо кампаниясы. Оруу-жыюу кампаниясы. Мал төлдөтүү, кош айдоо кампанияларынын убагында күнү-түнү жумуш үстүндө жүргөндүктөн, Яровой абдан арыктаган* (Байтемиров). 3. Агрегаттардын, техникалык курулуштардын үзгүлтүксүз, узакка иштөө убакты.

**КАМПАНДА** Сүйүнүчтө, кубанычта болуп, калдаң-калдаң этүү. *Бала кубанганынан кампаңдап үйүн карай жөнөдү* («Ала-Тоо»).

**КАМПАЧЫ** Кампа кармаган киши. *Кийинчерээк колхоздун кампачысы болуп иштептир* («Ала-Тоо»). *Аны колхозго кампачы кылды* («Чалкан»).

**КАМПАЮУ кампай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМПУС** 1. Университеттин, колледждин аймагы (парк аймагы да кирет). 2. Кээ бир университеттерде студенттик жатакана.

**КАМПЫГЫЙ** Кампыйган, капшыты кампыя чыккан, чыңалгансыган.

**КАМПЫЙ** Капшыты чыгып, чыңалгансып көрүнүү, кампаюу.

**КАМПЫЙТ кампый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМПЫЮУ кампый** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМСА** Сельд түркүмүнө кирүүчү, деңизде жашоочу, азык үчүн колдонула турган майда балык.

**КАМСОО** Кичине калканчы бар, жылуулугу бар, денеге калканч болгудай. *Бешмантым анча жылытып жибербесе да, анчамынча камсоосу бар.*

**КАМСУРП** Пахтадан токулган, өңү саргыч келген, сапаты төмөн жука кездеме. *Тойчубек ак камсурптан көйнөктүк кездеме алды* (Баялинов). *Төрт тарабынан керилген камсурпту бет маңдайына коюп, сүрөт тартып турган жигит Назардын көзүнө чалдыкты* (Каимов).

**КАМСЫ** *диал.* Чоң-чоң чеңгелдей алуу, аткый кармоо. *Бул карындашым али алданкүчтөн тая элек. Катууну камсып, жумшакты мыжыга кармасын. Өз билеги менен оокат кылсын* (Касымбеков).

**КАМСЫЗ** 1. Бардыгы шайма-шай, жетиштүү, толук даярдалган. *Оокат жагынан камсыз болдук, бардыгы жетишет десек болгудай* («Ала-Тоо»). 2. Эч бир даярдыгы жок, камданбаган, чак болуп турбаган. *Камсыз жаткан Жаңылга, Калың кошуун барышты* (Тоголок Молдо). *Кара шаар камбылга, Камсыз адам келеби?* («Курманбек»).

**КАМСЫЗДАНДЫР** 1. Керектүү нерселер менен камсыз кылуу, жетиштүү кылып камдап коюу. *Бизди азык-түлүк продуктылары менен камсыздандырып жаткан да силерсиңер, колхозчу туугандар* («Ала-Тоо»). 2. Үй-жайды, мал-мүлктү, чарбаны, өмүрдү камсыздандыруу мекемесине каттатуу, камсыздандыруудан өткөрүү.

**КАМСЫЗДАНДЫРУУ** 1. **камсыздандыр** этишинин кыймыл атоочу. 2. Ар түрдүү кокустуктарга, кырсыктарга учураганда камсыздандырылган үй-мүлк, чарба, өмүр үчүн атайын мекемеден тиешелүү сумманы алууга, ага чейин белгилүү мүчөлүк акысын төлөп турууга ылайыкталып түзүлгөн атайын шарт

**КАМСЫЗДАНДЫРЫЛ камсыздандыр** этишинин туюк мамилеси.

**КАМСЫЗДОО камсызда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМСЫК** Кайгылануу, капа болуу, азап тартып кыйналуу, түйшүк тартуу. *Катты окуп капа болгондо, Камсыгып бала санаалап* («Эр Табылды»). *Кайгыга алдырса, камсыкпай жүрө алабы, кыйноонун үстүнө кыйноо боло берген да!* («Ала-Тоо»).

**КАМТАМА** *диал.* Түйшүк, капа, тынчы кеткендик, убайым тарткандык. – *Кана, уулум, кайда бардың? – деп сурады Ырайымжан,– энең аябай камтама болду го* (Касымбеков). *Камтама болбой иштей бер.*

**КАМТУУ камты** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМТЫ** 1. Бир нерсени чогулта, бирик-

тире кармоо. *Мыртыйган чымыр колдору менен Ышкынаалынын жакасын камтый кармады* (Байтемиров). *Кыймылдатпай, камынтпай, Камтый кармап алганга, Кара жерге салганга!* («Эр Төштүк»). 2. Өз ичине алуу, чогуу ала кетүү. *Бир катар орчундуу маселелерди өз ичине камтыган баяндама менен эл алдына чыгып сүйлөш үчүн мен да даярданып алышым керек* («Ала-Тоо»). *Жанрга канчалык бай болсо, турмуштун ар түрдүү окуяларын ошончолук кеңири камтый алат* («Ала-Тоо»).

**КАМТЫШ камты** этишинин кош мамилеси.

**КАМУФЛЯЖ** Аскердик курал-жарактарды темгил же жол-жол кылып боёп жасалган согуштук маскировка.

**КАМФОРА** Медицинада жана техникада колдонула турган аябай күчтүү жыты бар, түссүз кристалдуу зат.

**КАМЧАТ: камчат бөрк.**

**КАМЧЫ** Атты же башка унааны, малды чабууга, айдоого ылайыкталып, өрүлгөн жана сапталган кайыш. *Теминип үстү-үстүнө камчы чапкан, Келатат булоолонтуп сары ала атчан* (Турусбеков). *Булуттай учкан тору айгыр, Бучкакка камчы салганы* («Манас»). *Тагай Алымкулду өрмө камчы менен жонго берип калды* (Абдукаримов).

**КАМЧЫ ӨРҮМДӨРҮ** Жалаң гана көктү майда тилип, камчы түшкүнүн өрүүнү жүзөгө ашыруучу өнөр.

**КАМЧЫ САЛДЫРБАГАН** 1. Кашандык кылбаган, жүрүшү ыкчам, өкүм (жылкыга карата). 2. Кыймылы тез, шамдагай, ишке жөндөмү мыкты (адамга карата). *Үй оокат жагына келгенде да эч бир камчы салдырбаган адам эле* («Ала-Тоо»). *Турмушубуз жаман болгон жок, аялым камчы салдырбаган тың чыкты* («Кыргызстан аялдары»). – *Деле камчы салдырбаган күлүктөй кетет, бечара, – деди, дагы бирөө* (Жусупов).

**КАМЧЫ САЛДЫРБОО** Айттырбай билүү, тың чыгуу, чыйрактык кылуу. *Байбиченин кыялы чукул чапчаңдыгы бар, куулук жагынан да эч кимге камчы салдырбайт* (Ш.Үмөталиев).

**КАМЧЫ САПКА ЖАРАГАН** Колунан бир нерсе келген, жүктөгөн милдетти аткара алган, бир нерсеге түшүнгөн, тыңыраак. *Камчы сапка жарагандардан баш-көз кылып эки жигитти элүү башы кылып жөнөтүштү* (Абакиров). *Балким, камчы сапка жарачу эмелердир* (Бейшеналиев).

**КАМЧЫ СҮЙРӨП КИРҮҮ** Душмандыкты билдирүү. Үй ээси менен келише албаган, уруш, жаңжал чыгаргысы келген камчысын колунан түшүрбөй кыйкымдуу учурду күткөн адам. *Камчы сүйрөп киргиле* («Манас» С. К.).

**КАМЧЫ ТАШТОО** *к.* **чылбыр таштоо.**

**КАМЧЫ ҮЙРҮҮ** Камчы менен качыруу, чаап жибере тургандай ызырынуу. *Көк атчан кызыл чогу камчысын үйрүп, элди тебелетчүдөй Мамбетке үрпөңдөдү* (Бейшеналиев). *Сумсаңдап кезенише, камчы үйрүшө калып токтолушту* (Сыдыкбеков).

**КАМЧЫ ЧАБАР** Таламын талашып, урушуп-чабышууга даяр турган. – *Жигиттер! – деген Айым өзүн багып турган камчы чабарларына каш кагып* (Осмоналиев).

**КАМЧЫГА АЛУУ** Кыйноо, жазалоо, камчы менен сабоо. *Мындай буйрукту уккан жигиттер аларды камчыга алды* (Айтматов).

**КАМЧЫГА САПТЫК** *к.* **бычакка сап болгондой.**

**КАМЧЫГА ЧЕНЕП БӨЛҮҮ** 1. Түшкөн олжо же байгени катышуучулардын бардыгына тепетең бирдей бөлүү. *Кандан калган кыргызды, Камчыга ченеп бөлүптүр* («Манас» С.К.). *Кайнаган калың кыргыздын, Казына мүлкүн талашып, Камчыга ченеп бөлгөндө* («Манас»). *Калмактан калган олжону, Камчыга ченеп бөлгөндө* («Семетей»). 2. Иштеген эмгекке карата сарпталган күчкө жараша, оош-кыйышы жок бөлүү. *Букардагы сан байге, Энеке, камчыга ченеп бөлөмүн* («Семетей»). **В.: Камчыга ченеп алуу.** *Кара малды атап Камчыга ченеп алышты* («Семетей»).

**КАМЧЫЛА** Камчы менен чабуу, сабоо. *Көбөгөн атын камчылап, ого бетер теминди* (Абдукаримов). *Карыпты, Бекжанды жана башка бир тобун байдын жигиттери кууп жүрүп камчылай баштashты* (Абдукаримов).

**КАМЧЫЛАН** Атын же башка минген унаасын камчылап бастыруу, камчы менен чаап, тезирээк жүрүүгө аракеттенүү.

**КАМЧЫЛАНТ камчылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМЧЫЛАНУУ камчылан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМЧЫЛАТ камчыла** этишинии аркылуу мамилеси.

**КАМЧЫЛОО камчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМЧЫСЫ ЖАКШЫ** Жолдуу, дайыма жакшы адамга туш болот деген мааниде (көбүнчө алган аялына карата) колдонулат. *Кайран Сапаштын камчысы жакшы, көп узабай эле дагы бир перизатка туш болуптур* («Кыргызстан маданияты»).

**КАМЧЫСЫ КАНДУУ** *к.* **колу кандуу.**

**КАМЧЫСЫН БЕРҮҮ** Бирөөлөргө бирдеме айттыруу, ишенимин билдирүү. Айтып баруучу адам анын актыгы үчүн камчысын көрсөтүү аркылуу ишенимге ээ болуу.

**КАМЧЫСЫН ЧАБУУ** Бирөөгө кошомат кылып, сөзүн сүйлөө, ураанын талашуу, талапташ болуу. *Оросул сенин теңтушуң эмес, малайың, камчыңды чабат, шилтеген жа-*

*гыңа барат* (Осмоналиев). *Сөзүн сүйлөп, камчысын чабышкан. Калган көпчүлүк эл байлардын малдарын багышып, жан сактоо үчүн аларга баш калкалашып, ошолордун камчысын чабышып, аларды ээрчип көчүп жүрө беришчү тура* (Медетов). *Ошондо камчыны кошо чабышып, жанында жүрө бердиң* (Осмоналиев).

**КАМЧЫСЫНАН КАН ТАМГАН** Зордугу, бийлиги жүрүп турган, абдан каардуу, катаал, ырайымсыз, кызыл камчы. *Ал кезде камчысынан кан тамган зулумдардын күнү тууган* (Каимов). *Бир кезде деми жер өрттөгөндөй болуп, камчысынан кан тамп, пенде тагдырын чымын өлгөнчө көрбөгөн Ойрот эми гана адамдык акылга келип, эми гана туя баштагандай* («Кыргызстан маданияты»). *Илгери камчысынан кан тамган манаптар буйругун мындай аткарта алышчу эмес* (Касымбеков).

**КАМЫГУУ камык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМЫК** 1. Ысыкта, үп болуп турганда, чарчап. чаалыкканда катуу тердөө, ысылап кыйналуу. *Күйүгүп чуркап камыгып, Акбалта жетип келгенде* («Сейтек»). *Жолоочулар камыга түшүштү* (Сыдыкбеков). *Кара тер басып камыгып, Кара бою нымыгып* («Манас»). 2. *өт.* Капалануу, кайгыга түшүү, санаа тартып, муңкануу, жапа чегүү. *Армандуу Камыш камыгып, Ар кимге ыйлайт жалынып* (Осмонкул). *Капа болуп атасы, Камыгып ыйлап кайгырды* (Тоголок Молдо).

**КАМЫКТЫР камык** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМЫЛГА** Кам көргөндүк, даярдык. *Жайлоого чыгыш үчүн малчылар акыркы камылгаларын көрүп жатышат* (Абдукаримов). *Конок камылгасын жеп, биз эки күндөн бери бошой алганыбыз жок* («Ала-Тоо»).

**КАМЫЛГАЛАН** Камылга көрүү, даярдануу. *Жер айдоого камылгаланып, күн бою тыным жок.*

**КАМЫЛГАЛУУ** Камылгасы бар, бардыгына камынып, даярдык көрүлгөн. *Отряддын бардыгы камылгалуу* (Сыдыкбеков).

**КАМЫН** Даярдануу, даярдык көрүү, беленденүү, камдануу. *Тамак жеп болгондон кийин, Жылдызкан жыйналышка камынды* (Байтемиров). *Атайы эле камына чыккан турбайсыңарбы?* (Сыдыкбеков). *Жолго чыгышка камына баштайлы, кана, болгула* («Ала-Тоо»).

**КАМЫНТ камын** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАМЫНУУ камын** этишинин кыймыл атоочу.

**КАМЫР I** 1. Нан, кесме ж.б. тамактарды даярдоо үчүн ундан жуурулган коюу масса. *Камырдан ороп аш кылган, Ар шайманын маш кылган* (Калмырза). *Бегайым чуңкур кара табакка азыраак камыр жууруп жатат* (Жантөшев). ‖ Тамакка (мис. этке) кошулган кесме же жукалап жайылган күлчө. 2. Даны ката элек, быша элек деген мааниде колдонулат. *Буудай камыр эле бойдон экен, бышар маалы боло элек.*

**КАМЫР II** *туурасы:* **кабыр.** *Манастын күмбөз камыры, Баатырлыгы жок көгөй, Бааналап кимге жалынды* («Эл адабияты»).

**КАМЫР-ЖУМУР БОЛУУ** Бири-бири менен өтө жакын, ынак болуп аралашып, алынышып кетүү. *Баштагыдай ар бири менен камыр-жумур болуп, лепилдеп турчу Ланичек тоңуна тарткан өңдөнүп турат* (Ашымбаев). *Кудалар камыр-жумур болуп эзилишти* (Осмоналиев). *Арыз-муңун айтып, алар менен камыр-жумур болуп, бат эле таттуулашып кетти* (Ш. Үмөталиев). *Ошондон тартып коомдук иштерге да баш оту менен киришип, коллективге камыр-жумур болуп кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Эх, бардык эмгекчи эл биригип камыр-жумур боло калса, кандай сонун болор эле* (Жантөшев).

**КАМЫР ТУРУШ** Камыр ачыткы, камырдын ачыткы үчүн калтырылган бөлүгү.

**КАМЫРА** (терс формада колдонулат; камыраба, камырап койбо ж.б.) Кенебөө, капарына албоо, кам санабоо. *Камырап анда коркпогун, Кайтарып алчу биз барбыз, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Атам камырабай нанын чайнай берди* (Касымбеков). *Андрей камырап да койгон жок* (Сасыкбаев).

**КАМЫРАБАСТЫК** Кенебестик, кабагымкашым дебей, камырабай жүрө берүүчүлүк. *Кемчиликтерге камырабастык менен мамиле кылууга жол берилбесин.*

**КАМЫРДАЙ ЖУУРУЛУШУУ** Бири-бири менен ынак болуп, аралашып кетүү. *Күндөлүк турмуш адаттары менен камырдай жуурулушкан чыгар* (Кыдырмышев). *Мүнөзү Кулубайдын купулуна толуп, бат эле камырдай жуурулушуп, өтмө катар болуп кетишкен* (Медетов).

**КАМЫРДАЙ ЖУУРУУ** Оңой эле жасап алуу, оңой-олтоң деп түшүнүү. *Бирөө «тагдыр» дегенди камырдай жууруп жасап алып, а биздейлердин тагдыры арман ганабы?!* (Касымбеков).

**КАМЫРДАН КЫЛ СУУРГАНДАЙ** Жигин билгизбей, кылдаттык менен, шек алдырбай, эптүүлүк менен. – *Алпым, сени калайык катуу аңыз кылат, сазга тыгылган тайды камырдан кыл сууругандай тартып алган...* («Кыргызстан маданияты»). *Камырдан кыл сууругандай иш кылып, Жылма кайрак карап турат жалбырап* (Маматова). *«Мазар таш» колдоп, камырдан кыл сууругандай болуп кеткиң бардыр, айланайын* (Кыдырмышев). *Садыр ал ишти камырдан кыл сууругандай бүтүрдү* («Ала-Тоо»).

**КАМЫШ** Саздуу, суулуу жерлерде бийик

өсүүчү, учтуу узун жалбырагы бар өсүмдүк. *Тигил булуңчада бийик чыккан камыштар термелет* (Сыдыкбеков). *Кокту, колот кыдыртып, Камыштын башын сындыртып* (Калмырза).

**КАМЫШ КУЛАК** Ичке тик кулак (жылкыга карата). *Камыш кулак кара атым, Кара атым эмес, канатым* (Эл ырлары).

**КАМЫШТУУ** Камыш көп өскөн, камышы калың. *Камыштуу сууну бет алып, Коң төрө жөнөп калганы* («Манас»). *Камыштуу саздарда чуручуу болуп чардаган бакалардын үнүнөн кулак тунат* (Абдукаримов).

**КАН I** 1. Денеде тамырлар аркылуу айланып жүрүп, клеткаларды азыктандыруучу жана андагы заттарды алмаштыруучу кызыл түстөгү суюктук. *Кан тамырлары. Кан куюу. Союл тийип башына, Суу ордуна кан аккан* (Токтогул). *Күлчородон ал кетти, Кара курум кан кетти* (Семетей»). 2. Адамдын же малдын тукуму, жаралып чыккан негизи. *Каны таза, асыл тукум жылкы. Ушундай кандан бүткөн бала чиркин* (Токомбаев). *Бул бейбактын канында бар, атасы ушундай кежир киши эмес беле* («Ала-Тоо»).

**КАН II хан** менен бирдей. *Таажы кийди кан болуп* («Манас» С.О.). *Такка минген кандары, Тартиби кандай болду экен?* (Тоголок Молдо). *Өлтүрүптүр Күн кан, Качканда Жаңыл жеңемди* («Мендирман»). *Кан атам көзү өткөн соң, Капаланып күйгөмүн* («Эл адабияты»).

**КАН III** 1. Суусаганы басылуу, суусун ичип, чаңкабай турган абалга келүү. *Булакты көрсө суу койбой, Анча-мынча булакка, Суусуну канып бир тойбой* («Манас»). *Мына ошентип мен айылга барарда, Кымыз ичип, чын суусунум канарда* (Осмонов). 2. *өт.* Толук алымсынуу, канааттануу, кумардан чыга ыракаттануу. *Кангым келди турмуштун, Суктандырган ойнуна* (Токомбаев). *Мен ырдасам ырыма, Канып кетер бекенсиң* (Барпы). *Кулак бышып, көз каныл, Күндө көргөн жай турмуш* (Элебаев). *Калмактын кылган ишине, Кумардан чыгып кандым мен* («Эр Табылды»).

**КАН БУУГАНДАЙ** Тез, дароо, ошол замат, арыдан-бери. *Ошондон кийин тишимдин ооруганы кан буугандай басылды* («Чалкан»). *Бул ишти кан буугандай токтотууга болот* (Жантөшев). *Карым-катыштын кан буугандай басылып калышы, Суусардын ичин туз куйгандай ачыштырды* (Бердикеев). *Өзү бүтүм чыгарды, өзү баарын кан буугандай токтотту, бирок Эдигейди ойлободу* (Айтматов).

**КАН ЖАЛАГАН ИТТЕЙ КЫЛУУ** Кызыл ала кылып сабоо, кандап уруу. *Анан катынын бырпырата сабап, кан жалаган иттей кылгысы келди, өлтүрө жанчып салгысы келди* (Айтматов).

**КАН ЖАЛАТУУ** Оозу-мурдун кандоо, оозу-мурдунан кан келтирип сабоо, уруу. *А түгүл балдар мына минтип оозубузду кан жалата токмоктошот* (Абдукаримов).

**КАН-ЖАНЫН САЛУУ** Абдан аракет кылуу, бир нерсеге жетүү үчүн бүткүл күчүн сарптоо, жан-дили менен киришүү. *Башка жумуштарын таштап, болуштукка кан-жанын салып киришкен эле* (Укаев). **В.: Каны-жанын аябоо.** *Бир тыным албай, каны-жанын аябай, күчүн ушу айылды курууга жумшады* (Жусупов).

**КАН-ЖИНИ АРАЛАШУУ** Иретсиз, баш аламан, ыпылас абалда болуу. *Каны-жини аралашып калган тура* («Чалкан»).

**КАН ЖОЛ** Чоң жол, ары-бери каттоо мүмкүнчүлүгү кеңири болгон чоң, даңгыр жол. *Сабыр атынын башын буруп кан жолго тартты* (Жусупов). *Биз бала кезде чоң апа кан жол менен кыштактын ортосунда почточу болуп кат-кабар ташыды* (Жусупов).

**КАН ЖӨТКҮРТҮҮ** Оозу-мурдунан кан кеткидей абалга жеткизип, катуу кыйноо, азап тарттыруу. *Кызыталак ырдагыч немени ат койгус кылып кан жөткүрттүм эле* (Бейшеналиев).

**КАН ЖУТКУЗУУ** *к.* **кан жуткуруу.**

**КАН ЖУТКУРУУ** Көргүлүктү көрсөтүү, катуу кайгыга салуу, абдан кыйноо, өтө жакын адамдарынан ажыратып, чоң кырсыкка дуушар кылуу. – *Суусунбу? Кан жуткурам сага!* (Осмоналиев). *Калпа көркоо калкка кан жуткуруп, кайгыга чөмүлтүп жаткан тура* (Бейшеналиев). *Көркооңдун көзүңдө огу болсо мени кан жуткуруп атууга белен* (Бейшеналиев). **В.: Кан жуткузуу.** *Бай, манаптар жалаа менен дыйкандарды курмандыкка чалышып, катынбаласын кан жуткузуп какшатууда* (Бейшеналиев).

**КАН ЖУТУУ** Жан күйөр адамынан ажырап оор кайгы тартуу, күйүттүү болуу. *Атаэнемден тогуз жашымда ажырап, зар какшап, кан жуттум эле* (Жантөшев). *Кантээр айла таба албай, Кан жуткансың ичиңде* (Токтогул). *Кайгы аралаш кызыл кан, Жутуп турган кезидир* («Семетей»). *Өткөн кармашта капилеттен окко учуруп, кан жутуп ажыраган айбаттуу агасы Шеримбегин эскерткендей кабылдады* (Бейшеналиев). *Кан жутуп, кайгы тартты калың эли* (Мидин).

**КАН ЗААДА** *туурасы:* **канзаада.** *Кан заадача бар элең, Кандай да болсо таяке* (Казыбек).

**КАН ИЧЕР** *к.* **кан ичкич.**

**КАН ИЧКИЧ** Киши өлтүргүч, канкор, ырайымсыз, мыкаачы, зулум. *Эгерде комсомол, бул кан ичкич залимдерге каршы болсо, мен ага жазылып алсам болмок экен* (Баялинов). *Кыларын кылып коюп кан ич-*

*кичтер, Жылмайып четте гана аман калды* (Турусбеков). **В.: Кан ичер.** *Ат коюп алыс карап, мылтык атып, Басмачы кан ичерлер келе жатты* (Шамшиев). *Кан ичер жоону жеңүүгө, Камданып чыккан калкымдан* (Бөкөнбаев). **Кан ичме.** *Шаймердендин кан ичмеси кармап, калтаарыды* (Сыдыкбеков). *Калтырбай жинин жайнаткын, Сен кан ичмеңди карматкын, какбаш* («Эр Төштүк»). *Өрттөй көзү бек жайнап, Кан ичмеси чын кармап* («Манас»).

**КАН КАКШОО** 1. Зар кагуу, зарлаган кейиштүү абалда болуу. *Кан какшап басмачынын азабынан, зарлады муңга батып далай бейбак* (Шамшиев). *Көп сандаган үй-бүлөлөр кан какшап, багар-көрөр кишиси жок темселеп калышты* (Абдукаримов). *Байкуш Сабира жегени желим, ичкени ирим болуп, кан какшап жүргөн имиш* (Абдукаримов). 2. Кайра-кайра, улам-улам айта берүү. *Кетип жатат туш-тушка, кан какшап үгүттөп отуруп ээ боло албай жатабыз* («Ала-Тоо»). *Энеси машинага чыгып, Тарастан айрылба деп ыйлап, Ленага кан какшап айткан* (Баялинов). 3. Зыркырап-сыздап ооруй берүү, жан кейите аябай ооруу. *Бүгүн менин бутуколум кан какшап ооруйт, күн бүркөө болгондуктан болсо керек.*

**КАН КЕЧҮҮ** Кандуу майданга катышуу, кан төгүлгөн катуу согушта болуу, урушта болуу. *Мен мында курал кармап канды кечип, Салыштым душман менен эчен ирет* (Абдыраманов). *Кан кечсек өз-өз ара болдук жөлөк, Бир гана жеңсек дейбиз ой жок бөлөк* (Абдукаримов). **В.: От кечүү.** *От кечип кан майданда болдук эчен* (Турусбеков). **Өрт кечүү.** *Өрт кечип, көрбөгөндү көрүп, аман келген экен, кайран досум* («Ала-Тоо»).

**КАН-КИРЕТИ** *миф.*Эки баштуу бүркүт. *Ушундай коркунучтуу кыямат-кайым болуп, жүрөктү түшүргөнүн көрүп турса да, Кан-кирети менен Аргыланг деген жаныбар Бөрүс кан бабабыздын изги тилекке, үзүлбөгөн үмүткө жасаган чоң кайыгына түшпөй коюптур* (Субанбеков).

**КАН КҮЙГӨН СОГУШ** Алаамат болгон, ажал менен арбашкан уруш, катуу салгылаш. *Эл элкин ыракаттана жашай баштаганда, карабайсыңбы, каргашалуу кан күйгөн согуштун башталганын* (Абакиров). **В.: Кан күйгөн жер.** *Кан күйгөн жерден алты-саны аман кайтып келген атаңды, анын досу Алдакулду чакыргыла* («Ала-Тоо»).

**КАН КҮЙҮҮ** Аябай кан төгүлгөн катуу кыргын болуу. *Таңга маал катуу атышуу болуп, кан күйүп кетти* (Сасыкбаев). *Кан күйүп, кырчылдаш күчөгөн кезде баруусу зарыл* (Бейшеналиев). *Тыякта жер өрттөнүп, кан күйүп жатса, буякта шапар тээп, сайраңдап жүргөндөр бар* (Абдукаимов).

**КАН КУУ** *к.* **кун куу.**

**КАН КЫЗЫТУУ** Делебени козгоо, дүүлүктүрүп, жүрөктү алып учуруу. *Майдандаштарың жер дүңгүрөткөн командалардын коштоосунда кан кызыткан атакалардын шарданында селдей каптап батышка кетип баратышат* (Жигитов).

**КАН МАЙДАН** Кан төгүлгөн согуш, салгылаш, уруш. *Баскынчы жоолорго каршы кан майданга көтөрүлүү даярдыгы башталды* (Бейшеналиев). *Аңгыча согуш чыгып, эрбүлөнүн баары түп көтөрө кан майданга аттанды* (Өмүрбаев).

**КАН СОРГУЧ** Эзүүчү, адамдардын алын күчүн, ден соолугун ж.б. бардыгын жумшап, өз жумушун кылдырган киши, бийликтүүлөр. *Жабыр көрдүк бир далай, Кан соргучка жем болуп* (Тоголок Молдо). *Жашасын эзилген эмгекчилер, жоголсун кан соргуч залимдер!* (Жантөшев). *Жабыр көрдүк бир далай, Кан соргучка жем болуп* (Тоголок Молдо). *Аркы чоң араандуу кан соргучтар кыбаасы кана Калпанын эрдигин даңазалашууда* (Бейшеналиев).

**КАН-СӨЛҮ ЖОК** Өңүндө кызылы жок, бопбоз, кубарып кумсарган. *Гүлайым кансөлү жок бозоруп жаак эти шимилген* (Бейшеналиев). *Балдагын өңөргөн, бетинде кан-сөлү жок, отуздарга жакындап калган солдатты аттан көтөрүп түшүрүштү* (Абдукаимов).

**КАН-СӨЛҮ КАЧУУ** *к.* **каны качуу.**

**КАН ТАЛАМАЙ** *тар.* Чүкө оюну.

**КАН ТАЛООН** Кан өлгөндө, кандын малы-башын талап кетүү. *Кайран көзүм жумулса Кан талоосун кылдырбай, Кайтарып алчу неме ошол* («Манас»).

**КАН ТӨГҮҮ** 1. Аябай кыргын салуу, өлүмгө учуратуу, талкалоо. *Каарданып алыпсың, Канымды төксөң мен мына* («Манас»). *Каарданып алыпсың, Канымды төксөң мен мына* («Манас»). *Кара кытай манжу журт, Кармашса канын төгөм деп* («Манас»). *Кан төгүүдөн аянбас, жакыны жок жалгыздын* (Осмоналиев). 2. Өлүү, ажалы жетүү. *Мүмкүн башың кесилип, каның төгүлөр* (Жантөшев).

**КАН ТЫРМАК** Мыкаачы, зулум, канкор, тажаал. *Касымбектей кан тырмак көркоолорго да жазган балээ бардыр* (Бейшеналиев). *Ордолуу Келдибек тукуму илгерки кан тырмак ата-бабаларынын дооруndaгыдай алыстан кекетип-мокотушту* (Бейшеналиев). **В.: Кан чеңгел.** *Тобо, кезегинде кан чеңгел Мусакожо, Калпа манаптар күчтүү эле* (Бейшеналиев). *Кан чеңгел канкорлорго ал экөө тең жек көрүнчү* (Бейшеналиев).

**КАН УУРТОО** Өчмөндүү жоосун аёосуз кырып жок кылуу, көксөөнү суутуу үчүн өлгөн душманынын канын ууртоо. *Көкчө көздүн кара кан, Кошколдоп ууртап кочуштап, Жутуп-жутуп алды эми.* («Семетей» С.К.).

**КАН ЧОКУТУУ** *аңч.* Бүркүт аң алган жеринде анын этин берүү.

**КАН ЧЫЧКЫР** Жаман көргөндө, жактырбаганда, тилдегенде (көбүнчө эркек балдарга карата) айтылуучу сөз. *Анан калса сулуулугу менен көптөрдү суусаткан перигe бу кан чычкырдын жан берер түрү байкалбайт* (Көчкөнов).

**КАНА I** Чайкана, ишкана, мейманкана ж.б. сыяктуу бириккен сөздөрдүн курамдык бөлүгү.

**КАНА II** 1. Бир нерсенин турган ордун, жөнүн ж.б. суроо маанисинде колдонулат. *Жер майышкан кол кана? Жети миң калмак эл кана?* («Эр Табылды»). *Ээ, түгөнгөн Жанаалы, Сенин убадаң кана жанагы?* (Токтогул). *Чиркин сулуу, кана сенин сүйгөнүң* (Шимеев). 2. Бир нерсеге көңүл бурдуруу, көңүлүн топтоо же кандайдыр бир ишке буюруу, өтүнүч кылуу учурунда айтылат. – *Кана, Чүкө, нанга, этке караңыз* (Баялинов). *Кана, сен эле кире койчу, кайра тез чыккын* («Ала-Тоо»). *Кана, балам, баштагын, Калыгым сени биерде, Кайрат берип маштадым* (Токтогул). *Кана, акетайым, түюндурчу* (Сыдыкбеков).

**КАНА III** Денеден кан чыгуу, кан агуу. *Азыр дагы атам көзгө элестейт, Көзү шишип, жаагы айрылып канаган* (Турусбеков). *Коркунучтан чыдабай, Чалдын мурду канады.* (Токомбаев).

**КАНААТ** Болгонуна, бар экенине ыраазы болгондук, алымсынгандык, каниет алгандык. *Калкыма мүдүр койбой отоп-бутап, Алса да канаат кылбай кардын сылап* (Абдыраманов). *Канаат деп бир мүнөз бар албайт сурап, Тапканын оокат кылат эптеп курап* (Тоголок Молдо).

**КАНААТТАН** Ыраазы болуу, алымсынуу, каниет алуу. *Ушул болгон оокатыбыз барында эч кимге жалдырай койбоспуз, ушуга канааттанып, тобо кылганыбыз эле жакшы эмеспи, байбиче!* («Ала-Тоо»). – *Кудайга шүкүр, эми өз үйүбүзгө да келип калдык, балдарым,– деди Алима канааттанган үн менен* (Абдукаримов).

**КАНААТТАНДЫР канааттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНААТТАНДЫРАРЛЫК** Алымсынарлык, ыраазы болорлук, канааттана тургандай. *Иштин жүрүшү канааттандырарлык эмес.*

**КАНААТТАНУУ канааттан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНАВАЙРАН** *диал.* Талкаланган, кыйраган, тымтыракайы чыккан. – *Күл. Күлө түш. Жарым эс. Жети атаң мекен кылган өлкөң канавайран болуп жатса, кайсы ырысыңа күлөт экенсиң? – деди Исхак жай* (Касымбеков).

**КАНАГАТ канаат** менен бирдей.

**КАНАДАЛЫКТАР** *ж. с.* канадалык. Канадада жашоочу калк, эл.

**КАНАКЕЙ кана II** менен бирдей. *Канакей бизди сыйлаганы? Эртең барабыз, даярбыз дегени канакей?* («Ала-Тоо»).

**КАНАЛ** 1. Суу жүргүзүү же дарыя, көл, деңиздерди бири-бири менен байланыштырып, кеме жүргүзүү үчүн атайын жасалган чоң арык, алыш, өстөн. *Кеме жүрүүчү канал. Сугат каналы. Чоң Чүй каналы. Эчен жаңы каналды алдык дайрадан, Суусуз чөлдөр гүл термешип жайнаган* (Калык). *Электр кубатын алыш үчүн каналдарды казабыз* (Убукеев). 2. Бир нерсенин ичиндеги түтүк сыяктуу көңдөй, сай.

**КАНАЛИЗАЦИЯ** Тазалык үчүн жер алды менен ар нерсени агызып жиберүүгө ылайыкталып жасалган санитардык-техникалык курулуш, түтүктөр системасы, суу түтүктөрү.

**КАНАР** Пахта, чөп, саман салып ташый турган чоң мешок, кап. *Тирелип, тоо-тоо болуп канар каптар. Чубашып жөнөп жатат машиналар* (Абдыраманов).

**КАНАРЕЙКА** Сайраганына, коозудугуна карата колдо багылып жүрүүчү сайроочу чымчык.

**КАНАТ I** 1. Куштардын же башка учуучу жаныбарлардын учууга ылайыкталган мүчөсү. *Сарайгыр кош канатын серпип, кулунчактан кулунчакка өтөт* (Касымбеков). *Бадалдан канатын жарк эткизип сагызган учту* (Сыдыкбеков). *Шайтан көпөлөк канаттарын дирилдетип, эркинче чыгып кете албай аракеттенүүдө* (Сыдыкбеков). 2. Самолёттун жерден көтөрүлүп, абада учушуна мүмкүндүк берүүчү, эки капталына орнотулган бөлүгү. *Канатына кир жукпай, Ак булутту жиреген* (Тоголок Молдо). 3. Боз үйдүн керегe бөлүктөрү. *Корчунун он эки канат ак үйү он алты түтүн, коңшусу менен Рыскулбектин айлына канатташ конду* (Токомбаев). *Алты канат ак ордо, Аркасынан капшырдым* («Саринжи-Бөкөй»). 4. *өт.* Жөлөк, таяныч, өбөк, тирек. *Беттеп кирген душманга, Санат болот деди эле, Аман жүрсө Сейтегим, Канат болот деди эле* («Сейтек»). *Туяктан калган канатым Семетей келсе болбойбу* («Семетей»). 5. Зымдан же кендир буласынан эшилип жасалган жоон аркан.

**КАНАТ II кана III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНАТ ЖАЮУ** Улам кеңири чөйрөгө тароо, белгилүү боло баштоо. *Ташкент темир жолчуларынын арасында мындай кыймыл өзгөчө кеңири канат жайды* (Абдукаримов).

**КАНАТ КАЛЕМ** Түп жагы жазууга ылайыкталып учталган, калем катары колдонула турган канат.

**КАНАТ-КУЙРУГУ ЖЕТИЛҮҮ** Баралына келүү, өсүп жетилүү, чоңоюу, торолуу. *Канат-куйрук жетилип, туш-туш жакка учуп жөнөдүк* (Шүкүрбеков). *Канат-куйругу жетилип дегендей, айланасына ар кыл*

*жөндөмдүү шакирттерди топтоп, алардын өнөр сабатын өркүндөтүүдө* (Бейшеналиев).

**КАНАТ ЧИЙ** Чырмалган чийден токулган боз үйдүн керегесинин сыртынан калануучу жабуу.

**КАНАТТАШ I** 1. Тилектеш, таламы бирге, боордош. *Казак эми, учсак бирге канатташ, Казак эми, устатташым сабакташ!* (Токомбаев). *Бир боорум, канатташым, баатыр Нурлан* (Токомбаев). 2. Жамаатташ, бири-бирине жакын, коңшу. *Кыдырбай айлы, Тазабек айлы бири-бирине канатташ отурушат* (Сыдыкбеков). *Канатташ турган казагы, Кабарын угуп турганы* («Манас»).

**КАНАТТАШ II** Бири-бирине жакын, караандаш болуу, жакындашуу. *Канатташып конгон жакын айыл элек* («Ала-Тоо»).

**КАНАТТАШТЫР канатташ II** этишинин аркылуу мамилеси. *Сен экөөбүз бүгүн жылкыларыбызды канатташтыра кайтаралы.*

**КАНАТТУУ** 1. Канаты бар, канатчан. *Канаттуу кушка тил кирип, Мукам-мукам үндөгөн* (Барпы). *Унутуп ачык бойдон койгон эле, Сулууну канаттуу дөө ала качты* (Үмөталиев). 2. Жалпы эле куштар. *Канаттуулар фермасы. Канаттуу учуп өтпөгөн, Көйкөлүп шибер өспөгөн* (Турусбеков). *Жүгүргөндө жаныбар, Канаттуу качып кутулбайт* («Манас»). 3. *өт.* Учкан куштай тез жүгүргөн күлүк. *Куюндар менен жарышып, Канаттуу тулпар дегизген* (Токомбаев). *Сөзүмө кулак салыңыз, Канаттуу кара бээнди, Чалгынга минип алыңыз* («Эр Төштүк»).

**КАНАТТУУГА КАКТЫРБАЙ, ТУМШУКТУУГА ЧЕКТИРБЕЙ** Эч кырсыкка, кыйынчылыкка дуушар кылбай, кордук тарттырбай, бардык жагынан кам көргөндүк. *Канаттууга кактырбай, тумшуктуугa чектирбей бөпөлөп асыраган баламдын тагдырына кара санайсыңбы* («Ала-Тоо»). *Канаттуугa кактырбай, тумшуктуугa чектирбей багам. Мага да бала керек. Кошкула* (Сыдыкбеков). **В.: Канаттуугa кактырбай.** *Ушуга чейин канаттуугa кактырбай жакшы тарбиялады* (Мурзаев). *Канаттуга кактырбай душмандан элди сактаймын* (фольк.). **Канаттуугa кактырбай, тумшуктуугa чоктурбай.** *Мындан ары да туугандарын канаттуугa кактырбай, тумшуктуугa чоктурбай өз калкасына алганы болуп эсептелди* (Касымбеков). *Кудайбергенди канаттуугa кактырбай, тумшуктуугa чоктурбай келе жаткан кезде жетим калышы кыйынчылыкка дуушар кылган* (Бектенов). **Канаттуугa кактырбай, камчылууга чаптырбай.** *Канаттуугa кактырбай, камчылууга чаптырбай баккан балам сен болсоң* (фольк.).

**КАНАТЫ КАЙРЫЛУУ** Чоң жоготууга же кырсыкка учурап мүңкүрөп калуу, мурдагы абалындай боло албай өксүп калуу. *Дөгүрсүгөн эр Коңур, Дөөлөрүнөн айрылып, Канаттары кайрылып* («Семетей»). *Минтип канатым кайрылып колго түшүп калдым* (Осмоналиев). *Жакшы шакирттериңден ажыраганыңда бир канатың кайрылып үрпөйгөнсүң* (Бейшеналиев). *Үмүттүн канаты кайрылды, кайгы бир жагынан, жокчулук бир жагынан куушурду* (Ашымбаев). **В.: Канаты сынуу.** *Карып калган кезимде, Канатым сынып какшадым* (Осмоналиев).

**КАНАТЫН КАЙРУУ** Кырсыкка учуратуу мүңкүрөтүп коюу. *Байларга тең ата болом деп айтыша кетсең канатыңды кайрып коёт* (Сыдыгалиев). **В.: Канатын кыркуу.** *Салкынайдын өмүрүн мен кыйбасам, бул күнгө түшпөйт эле, канатын мен кырккан экенмин* (Абдукаимов).

**КАНАТЫН КАККЫЛОО** Аракет кылуу, бир ишти аткарууга катуу аракеттенүү. *Ланичек деле канатын каккылап, жанын сабап жүрбөйбү* (Ашымбаев).

**КАНАТЫНА КАЛКАЛОО** Коргоо, жакын көрүү, көз салып жүрүү. *Дайыма канатына калкалап, жакынсынып, ар кандай сынактан өткөргөн* (Медетов). *Анан ушу киши канатына калкалап, бооруна кысып, китеп кап сатып берип турганы баланы эркетип жиберди* (Айтматов). **В.: Канатынын алдына калкалоо.** *Мына бул өйдө чекти уругун жөн эле канатынын алдына калкалап бакпадыбы* (Бердикеев).

**КАНГА БОЁО** Канын төгүү, кызыл ала кылуу, кандоо. *Жазыксыз нечен адамды, Канга боёп сабадың* (Осмонкул).

**КАНГА КААР ОЙНОТУУ** 1. Кан кызыта кекенүү. 2. Өчү бардай ачуулануу. 3. Кыжыры кайноо. *...Тоо эчкилери кыл моюн баштарын суудан ала жогору көтөрүп, кулактарын тикчийтип, жай гана сак көздөрүн жалжылдатып, кызыл ашыгына чейин суу кечип, шырп алдырбай кылкылдата жутуп жатканында да каныңа каар ойното карап чыдаш оң* (Айтматов).

**КАНГА КАН** Өлүмгө өлүм деген мааниде. *Канга кан алып бериңиз бай ата?! – деп токтотту сөзүн* (Осмоналиев).

**КАНГА САЛАМ БЕРБӨӨ** Анча-мынчаны теңине албоо, тоготпоо, эч кимге көз каранды болбоо. *Тирүү болсо эле болгону, түндөгү түн ал үчүн оор түн болчу, эми буюрса канга салам бербейт* (Сыдыгалиев). *Култай аксакалдын оокат-тиричилиги ого бетер оңоло түштү, канга салам бербей калган* («Чалкан»).

**КАНГА САЛАМ БЕРБӨӨ** Биреөнүн көзүн карабай, жетиштүү, тың абалда болуу, оңоло түшүү.

**КАНГА СИҢГЕН** Адатка айланган, өнөкөттүү, өзгөрбөс мүнөз алып калган. *Канга сиңген каталыктан арылууга болот, бирок кыйынчылык менен.*

**КАНДА** 1. Бир жерин канатуу, кан чыгара коюп жиберүү, уруу. *Кандап бетти тытпаңыз, Кара чачты жайбаңыз* («Сейтек»). *Булчуң эти буруюп, Кармаган жерин кандаса* («Мендирман»). *Рыскулбек датка балдары Кедейлерди келтектеп, Далайдын башын кандады* (Токтогул). 2. Жоокерчиликтеги эски адат боюнча биринчи өлтүрүлгөн душмандын же атайылап союлган малдын канына жоо куралдарын же тууну малып, кан жугузуу, канга боёо. *Шаркыраган канына Аккелте оозун малганы, Камдап алып мылтыкты, Кайра тартып калганы* («Манас»). *Жөрөлгө ушул болсун деп, Желектүү найза кандадык* («Эр Табылды»).

**КАНДАГАЙ** 1. Тоо теке, багыш сыяктуу териси калың жаныбарлардын терисинен эр сайышта күрөштө кийүүгө ылайыкталып жасалган чалбар шым. *Кагышка балбан кийүүчү, Кандагай болду кийгени* («Сейтек»). *Жайы, кышы кийгени, Кандагай теке шым экен* (Жантөшев). 2. Согушка кирүүчү аттын калың териден жасалган жабдуусу. *Алтыным теке терисин. Сырттан кылган кандагай* («Эл адабияты»).

**КАНДАЙ** 1. Нерсенин түрүн, түсүн, сапатын, касиетин, жөнүн, абалын же башка белгилерин билүү үчүн берилүүчү суроо. *Кандай бала болгонсуң? Кандай окуяга туш келер экенбиз? Элиңдин түрү кандай?* (Турусбеков). *Жаңы эжекемдин обону кандай чыгар экен?* (Сыдыкбеков). 3. Бири-бирине окшоштуруу, жалпылыгы бар нерселерди өз ара салыштыруу иретинде колдонулат. *Жомокто айтылган боз баштык кандай болсо, биздин чанач так ошондой* (Сыдыкбеков). *Боз тамдын сырты кандай жарды болсо, ичи да ошондой эле* (Сыдыкбеков). 4. Бир нерсенин жөнүн, абалын, сапатын ж.б. өзгөчө белгилеп көрсөтүү (күчөтүү, ашкере жогорулатуу же төмөндөтүү) же ага суктангандыкты, таң калгандыкты билдирүү үчүн айтылат. *Кандай ысык, кандай жакшы өскөн жер!* (Токомбаев). *Кандай мыкаачы адамдын колунан келди экен? – деп, балдар көгүчкөндүн абалына кейип жатышты* («Жаш ленинчи»). *Биз жашаган доор кандай шаттуу, кандай ыракат!* («Ала-Тоо»). *Кыял деген кандай жакшы* (Сасыкбаев). 7. «Эч», «ар», «алда» деген сөздөр менен айкашып, тануу, жалпылоо, күдүк (белгисиздик) маанидеги ат атоочторду уюштурат. *Айганыш эч кандай суроо берген жок* (Байтемиров). *Ар кандай кишилерди көрөсүң, ар кандай иштердин жөнүнө түшүнөсүң* («Чалкан»). *Алда кандай бир булут, Пайда болуп калганы* («Манас»).

**КАНДАЙДЫР** «Кандай» деген ат атоочтун белгисиз формасы. *Кандайдыр бир окуядан улам эсиме түшө калды.*

**КАНДАЙЛЫК** Кандай экендик, кандай шартта, абалда болгондук. *Кандайлыгына көзүң жетпестен, алдын ала айтыш кыйын болуп турат.*

**КАНДАЙЧА** Нерсенин жөнүн, кандай экендигин, канткендигин билүү үчүн берилүүчү суроо. *Жолоочунун бул кандайча шылдыңы?* (Осмонов). *Силер биздин айылдагыларга кандайча туугандашып, кеткендигиңер жөнүндө уксак дейбиз* («Чалкан»). *Менин иштериме кандайча кызыгып калганың түшүнө албадым* («Ала-Тоо»). *Бул кандайча иш болуп калды? Мунун жөнүн билген киши барбы? Менин кандайча тиешем бар буга?* («Чалкан»).

**КАНДАЙЫНЧА** **кандайча** менен бирдей.

**КАНДАЛ** **канда** этишинин туюк мамилеси.

**КАНДАЛА** *туурасы:* **кантала I.**

**КАНДАЛЧА** Эпостук чыгармаларда айтылуучу кылычтын бир түрү (*узун жана жазы канжар*). *Калбайып оозу бирикпейт, Кандалчынын кабындай* («Эл адабияты»).

**КАНДАН-БЕКТЕН КАЙРА ТАРТПАГАН** Жалтанбаган, коркпогон, таамай, түз сүйлөгөн. *Тоголок Молдо кандан-бектен кайра тартпаган, акыйкатка үндөгөн, жакырларга жан тарткан акын* (Бейшеналиев).

**КАНДАШ** Каны бир, жакындыгы бар, тек жагынан бир боор. *Аталаш, кандаш жан дос деп, Арнадым сага ушуну* (Маликов).

**КАНДЕК I** Иттин кичинекей тукуму. *Ак чач кемпир жүнү үксүйгөн кандекти эркелетип отурат* (Бектенов). *Кандек иттин карыганы билинбейт* (макал).

**КАНДЕК II** *диал.* Абрикос сортуна кирүүчү мөмөсү майдараак өрүк. *Кандек өрүк.*

**КАНДИДАТ** 1. Шайланууга же бир уюмга алынууга, ишке дайындалууга ж.б. талапкерлиги белгиленген адам. *Жогорку Кеңештин депутаттыгына кандидат.* 2. Диссертация жактоо аркылуу ээ болгон кенже илимий даража жана ошол даражаны алган адам (окумуштуу). *Тарых илимдеринин кандидаты. Медицина илимдеринин кандидаты.* 3. XIX кылымдын 80-жылдарына чейин Россияда жогорку окуу жайын артыкчылык менен бүтүргөндөргө берилип келген кенже илимий даража.

**КАНДИДАТТЫК** **кандидат** дегенге тиешелүү. *Кандидаттык стаж. Кандидаттык диссертация. Кандидаттык минимум.*

**КАНДИДАТУРА** 1. Кимдир бирөөнүн шайланууга же бир ишке, уюмга ж, б. алынууга кандидат болуу укугу же мүмкүндүгү. 2. Кандидат катары сунуш кылынган же бекитилген адам. *Ылайыктуу кандидатура. Ушул кызматка ылайык деп эсептелген кандидатураңар барбы?* («Ала-Тоо»).

**КАНДИЛЬ** Мөмөсү сүйрү келген алма сорту жана ошондой сорттогу алманын мөмөсү.

**КАНДИМ** Машыккан, дасыккан, маш

болгон. *Көп өтүп кандим болгондору токтобой эле сууга үңүлүштү* (Бейшеналиев). *Кулжыгачтыктар да кур жатпаган кандим немелер окшойт* (Осмоналиев). *Жотолору жоон, эби-сынсыз, олчойгон эмелердин кармаштарда кандим болгон чагы* (Бейшеналиев).

**КАНДУУ** 1. Каны бар, кан жуккан, канга боёлгон, кан аралаш. *Оронуп жатып тердерге, Эчкинин кандуу тери бар* («Эр Табылды»). *Колго түштүм күнөөсүз, Кубардың кандуу кызыл жүз* (Токтогул). *Жесе, жебесе да бөрүнүн оозу кандуу* (макал). 2. Кан төгүлгөн, кыргындуу, кырылган. *Ким акмак, ким акылман экенин кандуу казат көрсөтөт, мырзам!* (Турусбеков). *Тынчтык күндүн тынбай турган иши бар, Кандуу күндүн камчы тактай изи бар* (Осмонов).

**КАНДУУ КОЛ** *к.* **колу кандуу.**

**КАНДУУ МОЮН** Киши өлтүргүч, кан ичкич, мыкаачы, зулум. *Качыке селее: кандуу моюндун баласы эмнеге келди? – Мен жөнүндө бирдеме уккандан сообу? – деди ичинен* (Сыдыкбеков). **В.: Канды моюн.** – *О, кан күсөгөн канды моюндун баласы! Менин ишиме кийлигишкендей не акысы бар. Мени ала жатайын деген экен го* (Сыдыкбеков).

**КАНДУУ ООЗ** Жегич, ичкич, алдымжуттум. *Кандуу ооз бөрү болуп, азыр журттун жүзүн карай албай калмакмын да* (Сыдыкбеков). – *Ай, койчу, ошолорду! Кандуу ооз карышкырлар эмеспи* (Укаев). **В.: Кандуу тумшук.** *Оңбоюн жаңы жырткыч кайра кандуу тумшугун матырып, чеңгелин арбайтып ачканын кара* (Бейшеналиев).

**КАНДЫ БУЛООН** Мал көп союлуп, эт-аш көп болгон, бака-шака түшкөн көрүнүш. *Канча малын кырышып, Канды булоон кылышып* («Манас», С.О.). *Казан асып, эт салган, Канды булоон эл көрдүм* («Эр Табылды»). *Канды булоон союлган малдын саны жок* (Сыдыкбеков). **В.: Кандуу булоон.** *Тандап союп кандуу булоонго киришет* (Осмоналиев).

**КАНДЫ КЫЗЫТУУ** 1. Делебесин козгоо, ышкысын арттыруу. *Анын ырынын сөзү да, обону да канды кызытчу* (Борбиев). 2. Ачууга тийүү, жинди келтирүү. *Анын керооздонуп сүйлөгөн сөзү Бектемирдин канын кызытып жиберди* (Казакбаев).

**КАНДЫМ** *туурасы:* **кандим.**

**КАНДЫР кан III** этишинин аркылуу мамилеси. *Суусунун кандыра жутуу.*

**КАНДЫРГА** Тоо боорунан өтүүчү кыя жол.

**КАНЕГИЗ** *диал.* Бала төрөлгөндө көп кеткен кан. *Кичүү уулун төрөгөндө, канегизден кыйналган болчу.*

**КАНЕКЕЙ кана II** менен бирдей.

**КАНЖА** Тамеки салып тартууга ылайыкталган чөйчөкчөсү жана түтүгү бар, мүштөк сыяктуу буюм. *Келин, кыздын ортосунда жылмайып, Кант карыя буркуратат канжасын* (Токомбаев). *Оозунда канжа бурулдап* («Эр Табылды»). *Алтын найлуу канжага* («Семетей» С.К.).

**КАНЖАЛА** Урушканда, мушташканда же бир нерсеге урунганда оозу-мурду кан болуу, каноо. *Тигине, ошон үчүн душмандын оозу-мурду канжалайт* («Ала-Тоо»).

**КАНЖАЛАТ канжала** этишинин аркылуу мамилеси. *Датканын албуут энеси мурдумду канжалата койду* (Токомбаев).

**КАНЖАР** Эки жагы миздүү келген, саюуга колдонулуучу чоң бычак. *Жонуна келип күрс этти канжар, Оргуштап агып төгүлдү кандар* (Осмонов). *Колуна канжар алып, Белине балта байланып* (Борбугулов).

**КАНЖЫГА** Бир нерсени байлоо, бөктөрүү үчүн ээрдин эки арткы капталына тагылган кайыш боо. *Султан капкандарын канжыгасына байланып, Сары-Булактын жонун көздөй жөнөдү* (Каимов). *Кара кочкул кан агып, Канжыгага байланды* (фольк.).

**КАНЖЫГА ЖОЛ** Жалгыз аяк жол.

**КАНЖЫГАЛА** Канжыгага байлоо, бөктөрүп алуу. *Кара чачтан албасын, Канжыгалап барбасын* («Эр Табылды»).

**КАНЖЫГАЛАН канжыгала** этишинин өздүк мамилеси.

**КАНЖЫГАЛАТ канжыгала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНЖЫГАЛОО канжыгала** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНЖЫГАЛУУ** 1. Канжыгасы бар, канжыга байланган. *Канжыгалуу ээр.* 2. *өт.* Олжо жагынан жолдуу, жолу болуп турган. *Канжыгалуу жигит экенсиң.*

**КАНЗААДА** Кандын баласы, кандын тукуму. *Канзааданын бири экен* («Манас» С.К.).

**КАНИЕТ канаат** менен бирдей. *Берген кезде тилегиңди Жараткан, Каниет кылуу сенин жообуң ага айткан* (Баласагын). *Кечке көк оттоп каниет кылбаган сугалак малды көр?* (Сыдыкбеков). *Жакшы адамга бир эле жолугуп, маектешүү канчалык жаныңа каниет* (Бейшеналиев). *Өткүрмүш – байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет ысымы* (Сыдыкбеков).

**КАНИЕТТЕН канааттан** менен бирдей. *Токобай өз үйүнө келип, өлөң-төшөгүн басканга каниеттенип, тынч уктады* (Каимов).

**КАНИЕТТЕНҮҮ каниеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНИК** Адис, дасыккан, өз ишин мыкты билген, көзү каныккан. *Каник мерген жол кылат, Карайган бийик асканы* (Токтогул).

**КАНИКУЛ** Окуу жылынын белгилүү мезгилинде окуучуларга, студенттерге берилген дем алыш. *Кышкы каникул. Жайкы каникул. Каникул күндөрү.*

**КАНИМЕТ** **канаат** менен бирдей. *Мен аманмын деп, бир ооз эле чийип койсоңор, ошо да бизге чоң канимет* (Айтматов).

**КАНИСТРА** Ар кандай суюктук (бензин, керосин ж.б.) куюуга ылайыкталып, оозу бек жабыла турган идиш.

**КАНИФОЛЬ** Ийне жалбырактуу дарактардын чайырын кайнатуу аркылуу алынган айнек мисалдуу морт зат (өндүрүштө клей жана изоляциялык материал катарында колдонулат).

**КАНКАКША** *к.* **какша.** *Июнь айынан тартып, бооз бээлерди катуу айдабагын деп, канкакшабадым беле* (Абдумомунов).

**КАНКАКШАТ** **канкакша** этишинин аркылуу мамилеси. *Адамды канкакшатпай жылуу кийинсең боло.*

**КАНКАКШОО** **канкакша** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНКОР I** Адамга ырайымы жок мыкаачы, кан ичкич. *Кантип чыдап жатабыз, Канкорду кармап сойбосок* (Тоголок Молдо). *Канкор, кааласаң бышырып же* (Токомбаев). *Сейит бычак салыптыр дейсиңби? Эй, канкор, бузуку!* (Сасыкбаев).

**КАНКОР II** Эпостук чыгармалардагы оң каармандардын баатырлыгын, эрдигин билдирүүчү туруктуу эпитет. *Канкорум деп, шерим деп, Көргөнү келдим ой, аба!* («Сейтек»). *Канкоруң атаң Манастын Калтырып кеткен кылычы* («Семетей»). *Канкорун бүгүн көмгөнсүп, Чыңырып үндү салды эми* («Сейтек»). *Өзү канкор Манас аталат* («Манас» С.К.).

**КАНКОРЛУК I** Кан ичкичтик, кан ичерлик, мыкаачылык, киши өлтүргүчтүк, ырайымсыздык, зулумдук. *Канкорлугуң кармаса, Өлтүрүп каным жаларсың* (Токтогул).

**КАНКОРЛУК II** Эпосто: эр жүрөктүүлүк, баатырдык, каармандык.

**КАННИБАЛ** 1. Киши жегич, жапайы киши. 2. *өт.* Аябай каардуу, адамга ырайым кылбаган киши.

**КАННИБАЛИЗМ** 1. Киши жегичтик, жапайычылык. 2. *өт.* Ырайымсыздык, каардуулук, жырткычтык.

**КАНОН** 1. Эреже. 2. Диний жоболор, чектөөлөр. 2. Тигил же бул доордун искусствосундагы зарыл деп эсептелген көркөм ыкмалардын жана эрежелердин тутуму. 4. Эки же андан көп үндүн бир кайрыкты эле биринин артынан бири кайталоочу музыкалык форма.

**КАНОНАДА** Бир нече артиллериялык куралдар менен тынбай кайталап атып туруу.

**КАНОНДУК ТЕКСТ** *адаб.* Кандайдыр бир чыгарманын такталган, автордун эркине толук жооп берген жана басмага даярдалган текст.

**КАНОО** **кана III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНОЭ** 1. Түндүк Америкада жашаган индеецтердин жыгачты оюп жасалган кичине кайыгы. 2. Кыска калактуу жеңил спорттук кайык.

**КАНСУП** **камсурп** менен бирдей.

**КАНСУРУП** **камсурп** менен бирдей.

**КАНСЫРА** 1. Кандын көп агышынан алсыроо, алы кетүү. *Кансырап араң жаткан бирин таптык* (Үмөталиев). *Аягы сынып алсырап, Башы айрылып кансырап* («Манас»). 2. *өт.* Кан төгүүнү, бирөөнү өлтүрүүнү каалоо, эңсөө. *Кансыраган иттердин Канына сөөгү жуулду* (Осмонкул). *Оолуккан, кансыраган карышкырлар Уялбай бута ордуна адамды атты* (Маликов).

**КАНСЫРАТ** **кансыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНСЫРОО** **кансыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНТ** 1. Кызылчадан же кант камышынан иштетилип алынган, ак кристалл түрүндөгү таттуу азык заты. *Кары кемпир, чалдарга кант салган кара чай кызык* (Токтогул). *Эт, сары май, сүт берип, Кантты, нанды бүт берип* (Үмөталиев). *Балдары аман болуп, тукуму өсүп, Кант, шекер, бал татысын ичкен чайы* (Осмонов). 2. *өт.* Өтө таттуу, ширин, даамдуу. *Өзөгү – бал, өзү – кант, Чөбү сонун Суусамыр* (Барпы).

**КАНТАЛА I** Башка организмдин канын соруп жашоочу кичинекей мите. *Канталага талатып, Кашынгандар андан көп* (Казыбек). *Кантала, бүргө уктатпайт, Сүлүктөй сорду каньмды* (Бөкөнбаев).

**КАНТАЛА II** Катуу нерсенин тийишинен, кан тамырлары жарылып, кандын жайылышынан улам дене кызарып көрүнүү. *Аттын тиши тийген жерди чечип көрдү, канталай түшүптүр* (Байтемиров). *Кызарып бети канталап, Коңурбай турат анталап* («Манас»). *Көзүнүн агы кыпкызыл болуп канталап турганын байкады* («Ала-Тоо»).

**КАНТАЛАМАЙ** *диал.* Топ чүкөнүн бирөөнү «кан» кылып, калгандарын бөк-бөк, чикчик, алчы-алчы, таа-таа кылып атып, «кан» таа түшсө, талап ойногон оюндун аты. *Келгиле, канталамай ойнойлу.*

**КАНТАЛАТ** **кантала II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНТАЛОО** **кантала II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНТАТА** Музыкалык аспаптардын коштоосу менен хор же жалгыз ырдап аткарууга ылайыкталып, көбүнчө салтанаттуу мүнөздө болгон ири музыкалык чыгарма.

**КАНТЕМИР ОГУ** Элдик ишеним боюнча: чагылган аркылуу түшкөн таш. *Кантемир огун сүрттүрүп, Кабылдаган жараны, Кайра таңып салды эми* («Эр Табылды).

**КАНТОН** *тар.* Майда административдик-территориялык жер бөлүнүшү. *Каракол кан-*

*тону. Жалал-Абад кантону.*

**КАНТОНДУК** **кантон** дегенге таандык.

**КАНТОР** *туурасы:* **контора.**

**КАНТТУУ** Канты бар, канты көп, кант кошулган. *Канттуу чай.*

**КАНТТУУЛУК** Составында канттын болушу, канты бар экендик. *Кызылчанын канттуулугун жогорулатуу. Алманын, жүзүмдүн канттуулугу.*

**КАНУУ** **кан III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНЦЕЛЯРИЯ** Мекеменин иш кагаздарын алып баруучу бөлүмү жана ошол бөлүм жайгашкан үй, имарат.

**КАНЦЛЕР** Айрым мамлекеттерде жогорку кызматтагы адамга берилүүчү наам жана ошондой наамы бар адам.

**КАНЦОНА** *адаб.* Орто кылым поэзиясындагы рыцардык сүйүү ырлары.

**КАНЧА** 1. Кандайдыр бир нерсенин эсебин, санын суроо үчүн колдонулат. *Канча бала? Канча киши? Канча сом? Ата, сен канча жашка келдиң эле?* (Шамшиев). 2. Көп, бир нече, нечен ирет, далай жолу. *Канча жыл жүрдү кайгырып, Бир балага зар болуп* («Манас»). *Күн бөксөрүп, ай өттү, Арадан канча маал өттү?* («Эр Төштүк»). *Какшып жаткан канча жыл, Чөл көгөрдү куруудан* (Бөкөнбаев). *Канча сурап жүрдүм, бир да жолу эсиңе албадың го, жигит!* («Чалкан»).

**КАНЧАЛЫК** 1. Канчага чейин, канча өлчөмдө. *Канчалык көп иштесек, ошончолук көп байлык табабыз* («Ала-Тоо»). 2. Канча менен бирдей. *Бу баланын чамасы канчалык болду экен?* («Чалкан»).

**КАНЧАНЧЫ** Кандайдыр бир нерсенин иретин, катарын суроо үчүн колдонулат. *Канчанчы бет? Канчанчы номерлүү үйдө турат?*

**КАНЧОО** Теринин жара оорусунун бир түрү. *Алкымыма канчоо чыгып, ошону көрсөтөйүн деп бара жатам* (Жантөшев).

**КАНЧЫ** *эс.* Оорулуу адамдан картык менен кан алып айыктыруучу табып.

**КАНЧЫК** 1. Иттин, карышкырдын ошондой эле ит тукумдарына кирүүчү айбандардын ургаачысы. *Көк дөбөт менен сур канчык үрүп, буларды көздөй чуркашты* (Баялинов). *Куу канчык тумшугун көтөрүп, улуп-уңшуп коёт* («Ала-Тоо»). *Канчык карышкыр тарс эткен сайын качууга аракет кылды* (Жантөшев). 2. *өт.* Аял кишини тилдөө, жемелөө учурунда колдонулат.

**КАНЫ БАШКА ТЕБҮҮ** Ачуусу келип, аябай чыңалып чыгуу. *Көкүрөгү ачышып, каны башка тээп, жүрөгү жарылып кетчүдөй түрсүлдөйт* (Айтматов). **В.: Каны башына тебүү.** *Кекенген сезимге ууланган каны башына тээп, мээсин уулантып, азыр бар күчүн жыйнап, ач бел, куу жондо өлгүсү келди* (Айтматов).

**КАНЫ БУЗУК** Жеңил, тез ачууланма, көтөрүмү жок, бир нерсеге тез кыжырланып кетме. *Сенин андай тамашаңды көтөрө албайт. Анын каны бузук, жеңилип кетет, – деп жанындагы жолдошуна эскертип, аны тыйып отурду* (Абдукаримов).

**КАНЫ БУЗУЛУУ** Жини келүү, ачуулануу, бир нерсеге чыдамы кетип кыжырлануу. *Өткөн-кеткенди эсине түшүрүп каны бузулуп кетти окшойт, бир аз желпилдеп барып токтоду* («Ала-Тоо»). *Уурту дирт этип, таноосу кыпчылды, канынын бузулганын түйдүрбаска аракеттенди* (Осмоналиев).

**КАНЫ-ЖАНЫ МЕНЕН** Бүт мүмкүнчүлүгү, чын ыкласы, жан-дили менен берилген. *Ал каны-жаны менен даяр экендигин айтты да, Асанга кагазды акырын сунду* («Кыргызстан маданияты»).

**КАНЫ-ЖАНЫН АЯБОО** *к.* **кан-жанын салуу.**

**КАНЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** Өтө зарыл болуу, оңойлук менен колго тийбөө, табылбоо, тез эле талап алып кетүү, жерге тийгизбей талашып алуу. *Жакшы китептин каны жерге тийбейт.* **В.: Каны жерге тамбоо.** *Азыр андай буюмдун каны жерге тамбай калган.*

**КАНЫ ИЧИНЕ ТАРТКАН** Каарданган, кыжыры келген, ызасы ашынган. *Анан сени менен биротоло сүйлөшөм, – деп каны ичине тарткан кашка баш жездеси көпкө күттү* (Саатов).

**КАНЫ ИЧИНЕ ТАРТУУ** Ачуусу келип кумсаруу, кыжыры кайнап, өңү бузулуу. *Өзүнүн ички толгоосун байкаткысы келбей, каны ичине тарткансып, купкуу болуп, бирок жай сүйлөөгө тырышты* (Абдукаимов). *Тиги таноосу кыпчылган ачкүсөндөй сарынын андан бетер каны ичине тартып, муну тооруп жүрөт* (Өмүрбаев). *Алымды караган сайын таноосу кыпчылып, каны ичине тартат* (Осмоналиев). *Мисирейип, каары сыртына чыгып, каны ичине тартып, өңү купкуу болуп, келини түгүл, көзүнө көрүнгөн кишинин баарын жутуп коёр кейпи бар эле* (Эшмамбетов). *Каныбектин каны ичине тартып, тиштери кычырап, жаак эттери түйүлө баштады* (Жантөшев). *Бугимовдун каны ичине тартып, өңү кумсарды* (Сасыкбаев).

**КАНЫ КАЙНОО** Ачуусу келүү, чыдамдуулугун жоготуп, кыжыры кайнаган абалда болуу, катуу кызууланып кетүү. *Сатардын жүрөгү түйлап, каны кайнап, жини келди* (Жантөшев). *Менин каным кайнап, жанымды коёрго жер таппай турганымды командир билди* (Өмүрбаев). *Сокур намысы тээп чыккан Шаршеналы Асылбектин айтканын уккандай да болгон жок, каны кайнап, эшикти тарс жаап чыгып кетти* (Абакиров). *Эдигей болсо чыдай алчу эмес, талашып-тартышып, кызаңдап каны кайнап кетчү* (Айтматов). **В.: Каны кызуу.** *Барган сайын Кебек карыянын каны кы-*

*зып, урушарга киши таппайт* (Байтемиров). *Ошону ойлосом, эми да каным кызыйт* (Байтемиров). *Карт балбандын каны кызып, Куйручукка ачуусу келди.* (Бектенов).

**КАНЫ КАС** Мурдатан, ата-бабасынан бери душман, эзелтен касташкан жайы бар. *Ошол жакшы көргөн кызынын эле каны кас кишинин инисине катын үстүнө чыкканын укса, намысчыл чал ызадан жарылып кетиши ыктымал эле* (Осмоналиев).

**КАНЫ КАТУУ** Тили оозуна батпай абдан суусоо, чаңкоо. *Бир көнөчөк аш айран жеткизип бербесең, каным катып кетет го, кемпир жан* (Сыдыкбеков). *Токтогул чөйчөктү көрө коюп сүйүнүп кетти, анын тили кургап, каны каткан* (Токомбаев). *– Ичип жибер, балам, – деди Тазабек, – каның катып тургандыр!* (Сыдыгалиев). *Мен абдан жакшымын, бирок каным катып, суусап жатам* (Саатов). *Каның катып калса да чыдайсың* (Айтматов).

**КАНЫ КАЧУУ** 1. Өңү кубарып-кумсарып кетүү, купкуу болуп кетүү (катуу корккон, ачуусу келген абалга карата). *Эмне кыларын билбей каны качып, калтаарып туруп калды* («Ала-Тоо»). *Каны качкан Эсир тиштенди* (Осмоналиев). 2. Абдан арыктоо, эти качуу. *Кемпир тарбайып каны качкан колдорун серепчилеп бир нерсени караган болот* (Сыдыкбеков). *Малдыбайдын каны качкан өңүн бир карап алды да, Сейитке шашпай сөз узатты* («Ала-Тоо»). 3. Кургай түшүү, тоборсуу (көбүнчө жыгач же башка өсүмдүктөргө карата). *Тээтиги каны качкан карагайдын түбүнө барып токтогула* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Каны-сөлү качуу.** *Каны-сөлү качып, калчылдап туруп берди* (Сыдыкбеков).

**КАНЫ КОЮЛУУ** Токтолуу, салабаттуу болуу. *Бирок, ар кандай ишке акыл бийигинен карап, акыл кеңдигинен сынап, каны коюлуп, ой токтотуп калгандай* (Касымбеков).

**КАНЫ КЫЗУУ** 1. *к.* **кызуу кандуу.** 2. *к.* **каны кайноо.** *Барган сайын Кебек карыянын каны кызып, урушарга киши таппайт* (Байтемиров). *Кээде көрүп отуруп каным кызыйт* (Байтемиров).

**КАНЫ МУЗДОО ичи муздоо** менен бирдей. *Бек ага, – деди каны муздап, тил тийгизбеңиз, аксакалыбызга* (Касымбеков). *– Эсиңе кел, удайчы, – деди каны муздай* (Касымбеков).

**КАНЫ-СӨЛҮ КАЧУУ** *к.* **каны качуу.**

**КАНЫ СУЮК** 1. Токтоло элек, өкүм, чоогол, жеңил. *Каны суюк эр жүрөк, Жаш баласың баарыңар* («Эр Табылды»). *Каны суюк балдарга, Атышарга жаа бербе. Каны суюк жаш бала, Кагыша кетип жүрбөсүн* (фольк.). *Бала баатыр жалгызым, Каны суюк жаш бала* («Курманбек»). 2. Кыялы чатак, албуут, опурулма, кызуу кандуу. *Каны суюк Токбай уулу* (Бектенов). *Кээ бир каны суюк кишилер чыдай албай кулагын басат ко?* (Байтемиров).

**КАНЫ СУЮЛУУ** Ачуусу келүү, жини келип, кыжырлануу. *Баятадан бери көп сүйлөп, эмне кыларын билбей, ар кимдерге асылып, каны суюлуп турду* (Абдукаимов).

**КАНЫ ТАРТУУ** Ажалы жетүү, киши колдуу болуп өлүү. *Каны тартып келген экен* («Ала-Too»).

**КАНЫ ТАШКЫНДОО** Өзүн-өзү токтото албай алеп-желеп болуу, токтоно албоо, жүрөгү алып учуу. *Седептин каны ташкындап, эмне кыларын билбей, аркы-терки басып турат* (Каимов). *Көз ирмемге бир кездеги эне-баланын каректери чукул жерден чагылыша түштү. Денелери дүркүрөп, каны ташкындады* (Исмаилов).

**КАНЫ ТӨГҮЛҮҮ** Кыргынга учуроо, катуу кагылышка кабылуу, өлүмгө туш болуу. *Демонстрация, стачка маалында далай жазыксыздардын каны төгүлгөн* (Ашымбаев).

**КАНЫГУУ канык II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАНЫК I** Иштин жөнүн, негизин терең билген, каныккан, тажрыйбалуу, такшалган. *Он төрт жашка келгенде, Каныкк мерген болду – деп* («Эл адабияты»). *Ишке канык илимпоздор турганда, Эч бир калбайт биздин ыркка көнбөгөн* (Осмонкул). *Өз кесибибиздин эрежесине канык болушубуз керек* (Сасыкбаев).

**КАНЫК II** Керекке, максатка жараша катуу, кургак нерсеге суюктукту, суюк, суулуу (нымдуу) нерселерге кургак нерсени талап кылынган өлчөмдө кошуу. *Кантка каныктырылган суу. Сууга каныккан эгин желге ыргалат.*

**КАНЫКЕЙ** *тар.* Хандын кызы (бул сөздүн мындай мааниси унутулуп, адамдын аты катары колдонулушу гана сакталып калган).

**КАНЫКТЫР канык II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНЫМ ДАТ** Бир нече киши бир чүкөнү кезектешип, өкчөп, чүкөнүн конушуна, чик, бөк, түшүшүнө карата белгилүү эреже менен ойнолуучу оюн.

**КАНЫМЕТ канаат** менен бирдей.

**КАНЫН ИЧҮҮ** Өлтүрүү, жок кылуу. *Далай-далай азаматтын Куу найза канын ичип, Салган жайлап* (Маликов). *Сиз билбейсиз, йөр аба? Канча активдин канын ичкен? Эмнеге унчукпайсыңар?* (Мияшев). *Анын бүгүн түнү канын ичем деп ант берди* (Акматов). **В.: Канын ууртоо.** *Канын ууртабасам, деп кекенди* («Ала-Тоо»). *Анын куну үчүн бүгүн сенин каныңды ууртаймын* («Ала-Тоо»). *Шылдыңдайсыңар ээ?! Каныңды ууртап коёюнбу?!* (Тойбаев).

**КАНЫН КАЙНАТУУ** Ачуусун келтирүү, кыжырлантуу, каарын козгоо. *Ал тургай*

*кол мылтыгынан ок чыгарууга чейин барышы тигилердин бир жагынан канын кайнатса, экинчи жагынан ойлонтпой койгон эмес* (Медетов). *Эр намысы канын кайнатып, Жалийге сыпаа какшык жылдырды* (Бейшеналиев). *Сыртынан билгизбегени менен көөдөндө кур санаа буркан-шаркан түшүп, канын кайнатты* (Ашымбаев). **В.: Канын кызытуу.** *Анын кычык сөздөрү канымды кызытып, өзүмдү араң токтоттум* («Ленинчил жаш»).

**КАНЫН КАКТАБАЙ СОРУУ** *к.* **кактабай канын соруу.**

**КАНЫН КӨӨКӨРЛӨӨ** Бардыгына бел байлоо, тобокелге салып иш кылуу, өлүмгө башын тигип коюу. *Калк үчүн каның көөкөрлөп, Кайрат кылып турасың* («Эр Табылды»). *Канымды көөкөрлөп согушка барып келдим* («Ала-Тоо»). *Бай, манаптарга каршы каныңды көөкөрлөп коюп күрөшкөнүң үчүн сени сөгө турган ким экен?* (Сыдыкбеков). **В.: Канын көөкөрдөө.** *Көөкөрдөп төктү канымды, Көп кетирди алымды* (фольк.).

**КАНЫН КЫЗЫТУУ** *к.* **канын кайнатуу.**

**КАНЫН СОРУУ** Аябай эзүү, запкы көрсөтүп, ырайымсыздык кылуу. *Эшен, калпа, бай-манап Элдин канын соргонун* (Токтогул).

**КАНЫН СУУДАЙ АГЫЗУУ** Кыргын салуу, аябай катуу салгылашуу. **В.: Канын суудай төгүү.** *Кыздын кан куугандары болсо, соту жок эле канын суудай төгөт, – деди танкист* (Абдукаимов).

**КАНЫНА ЗАБЫН БОЛУУ** Бирөөнүн өлүмүнө, оор кырсыгына себепчи болуу, убалына калуу. *Жок, мен бирөөнүн канына забын болбоймун* (Токомбаев).

**КАНЫНА СИҢҮҮ** Көнүп кетүү, демейдегидей көрүнүшкө айлануу, кадимкидей эле сезилүү. *Мунун баары көз ачкандан бери канына сиңип абдан маш болуп алган кесиби эле* (Укаев).

**КАНЫШ** Хандын аялы, хан аял, ханыша. *Канышы буйрук бергиче, Балбаны каптап келгиче, Кабыландай камынды* («Сейтек»).

**КАНЫША** **каныш** менен бирдей.

**КАҢ I** Металлдан жасалган идиштердин, буюмдардын тешиктерин беттештирип данакерлеген, кандаган жери. *Чаканын каңы. Каңы ажыраган идиш.*

**КАҢ II** Урулганда, кагылганда чыккан дабыш. *Челек бош экенин билгизиш үчүн каң эттирип чаап койду* («Ала-Тоо»).

**КАҢГУУ** **каңгы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢГЫ** 1. Тентүү, тентиреп калуу, эч максатсыз бет алды кете берүү. *Эр жигит эли менен береке табат элсиз калса, ал каңгып калат деген* (Элебаев). *Эмне кыларын билбей, бет алды каңгый берип, эртеси айлына келген экен* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Башы катуу, эмне кыларын билбей маң болуу. *Байкап турган маңгулу, Башы жаман каңгыды* («Манас»).

**КАҢГЫ БАШ** 1. Башы катып, эмне кыларын билбей калгандык, башын катырган абал. *Эки жол айры болсо, иттин башы каңгы болот* (макал). 2. Каңгып жүрө берме, байыр алып жашар жери жок, дейди. *Сен, качанкыга чейин каңгы баш болуп жүрө бересиң, ордуңду тапсаң боло, – деп атам абдан жемеледи* («Ала-Тоо»).

**КАҢГЫР I** **каңгы** менен бирдей. *Хан Манастан айрылып, Карышкыр издеп талаада Каңгырып калган сен байкуш* («Семетей»).

**КАҢГЫР II** Каңылтыр темирдин же металл идиштердин ж.б. кагылышынан, чапкылап ургандан чыккан дабыш. *Чылапчынын каңгыр эттирип тээп жиберди. Коңгуроосу каңгыр-күңгүр кагылган сайын кулун элирип жүгүрдү.*

**КАҢГЫРА I** 1. Ээн калуу, эч ким жок бош калуу. *Кызыл үйдүн ичи каңгырап бош* (Баялинов). 2. Тентиреп, эч максатсыз каңгый берүү, эмне кыларын билбей башы катуу. *Журтта калган күчүктөй Улуп калдым каңгырап* (Тоголок Молдо). *Кайтсак бекен деп ойлойм, Каңгырап бекер жүргүчө* («Эр Табылды»).

**КАҢГЫРА II** Урулганда, кагылганда каңгыр эткен дабыш чыгуу, каңгыр-каңгыр этүү. *Коңгуроо каңгырады.*

**КАҢГЫРАТ I** **каңгыра I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢГЫРАТ II** **каңгыра II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢГЫРТ** Каңгыр эткен дабыш, үн. *Аңгычакты болбой, жогортодон каңгырт эткен үн чыкты* (Сыдыкбеков).

**КАНДА** Күмүштөн, калайдан, жезден, мистен жана ушул өңдүү металлдан жасалган идиштердин, буюмдардын жыртык, тешиктерин калай, коргошун аркылуу данакерлөө.

**КАНДАГЫЧ** Металлдан жасалган буюмдарды кандоочу аспап.

**КАНДАТ** **канда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАНДОО** **канда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢК** 1. Итти, карышкырды урганда, чаап жибергенде ж.б. учурларда чыгарган дабышы. *Кемегени сагаалап карап турган кара тайганды чаап жибердим эле, каңк этип качкан бойдон жолго түштү* (Бейшеналиев). *Карышкыр каңк этип барып жерге сулады да, дымын чыгарбастан жатып калды* («Ала-Тоо»). 2. Нерсени катуу урганда, какканда чорт, кыска чыккан дабыш. *Чылапчынды каңк эттире бир салды эле, үйдөгүлөр үрөйү учуп, эшикке чыга калышты* («Ала-Тоо»). *Сырын билген Шарип жакшы эле сактанайын дегенче болбой, каңк*

*эттире чекеге бир сүздү* (Бейшеналиев). *Тааныш бирөөнүн үйүнүн каалгасын каңк-каңк эттире ургулашып, сүзө качырып кирип барышты* (Бейшеналиев).

**КАҢКАЙ** Арык, эти жок, сөөктүү болуп, көрүнүү, кебетеси көлөмдүү болуп тартайып туруу. *Кулжасы жатат каңкайып* («Манас»). *Оор тартып бүт денең, Карыган теке кейиптенип, Каңкайып сыртта жүрөсүң* (Токтогул).

**КАҢКАЙТ каңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢКАЮУ каңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢКОР канкор II** менен бирдей. *Каңкоруң, атаң Манастын, Калтырып кеткен кылычы* («Семетей»).

**КАҢКУЛУ** Эпостук чыгармаларда айтылуучу сайроочу куштун аты.

**КАҢКУУ** Ачык кылбай, жандатып, четин чыгарып айтылган сөз. *Оорудан чанчуу жаман, сөздөн каңкуу жаман* (макал). *Сатым чалдын акыркы каңкуу кептеринен Чотурдун шеги кайра жанды* (Касымбеков).

**КАҢКУУЛА** Ачык кылбай, четин чыгарып, жандатып айтуу. *Мырзабай каңкуулаган сөздөрдү угуп, түшүнсө да билмексен болуп отура берди.* (Абдукаримов). *Антип каңкуулабай эле койсоң, өз башыңды арачалай албай жатасың го* (Байтемиров).

**КАҢКУУЛАТ каңкуула** этишинин аркылуу мамилеси. *Каңкуулатып отурбай, ачыгын айттырсаң болмок* («Чалкан»).

**КАҢКУУЛОО каңкуула** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢКЫЙ каңкай** менен бирдей.

**КАҢКЫЛДА** 1. Каңк-каңк этип үрүү, каңылдоо. *Бул Кумайык өзү чатак, урсаң да, Жаман иттей үн чыгарбайт каңкылдап* (Токомбаев). *Короодо сары дөбөт бир калыпта үрүп каңкылдайт* (Байтемиров). 2. Урганда, кагылганда каңк-каңк эткен дабыш чыгуу. *Чылапчыны каңкылдап согулган сайын үйдүн тегерегиндеги иттер ызылдап үрө баштады* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Обу жок ажылдай берүү, катуу сүйлөп урушуу, ордойлук кылуу. *Каңкылдаган бейжай.*

**КАҢКЫЛДАК** Ажаан, ажылдак. *Камчы тийбес каңкылдак, чымын тийбес чыңкылдак.*

**КАҢКЫЛДАТ каңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢКЫЛДОО каңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢТАР I** 1. Кыштын бир мезгилинин аталышы. *Жаман болсо алганың, алдыңан өткөн сызга окшойт, Каңтардагы музга окшойт* (фольклор). 2. Ишти тетирлентме, тескери кылма жорук, терс кыял. *Каңтары бар киши. Каңтары кармап калуу.*

**КАҢТАР II** 1. Астын үстүнө каратып оодаруу, көңтөрүү, коңторуу. *Миң трактор кара жерди каңтарып, Көркүн чыгар какыр жаткан өрдөштүн* (Бөкөнбаев). *Кайкалап туруп шилтесе, Казандай чымды каңтарат* (Осмонкул). *Кара жерди каңтарып, Түгөнбөс нечен кен таптык* (Нуркамал). 2. Чөп жегизбөө же башын ылдый кылбоо үчүн аттын тизгинин ээрдин кашына иле байлоо же башка бир бийик нерсеге аса байлап коюу. *Карымшак аттын тизгинин ээрдин кашына каңтарып, анан эшик ачты* (Байтемиров). *Аттар укурукка моюн тосушуп, мамыга каңтара байланды* (Бейшеналиев).

**КАҢТАРГА** Атты каңтара байлоо ыгы, каңтара байланган абал. *Каңтаргасын алып, тору кашкага кайра минип, аркы бетке ооду* (Сыдыкбеков).

**КАҢТАРГАЛУУ** Каңтарып коюлган, каңтаргасы бар, каңтара байланган абалда.

**КАҢТАРТ каңтар II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢТАРУУ каңтар II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢТАРЫЛ** 1. **каңтар II** этишинин туюк мамилеси. 2. *өт.* Ажырап калуу, куру калуу. *Бүгүнкү кымыздан каңтарылдык го! Ала турган олжомдон каңтарылып, куру кол кайттым.*

**КАҢШААР** Анча так эмес, имиш-имиш кеп, болжоп айтылган кабар, маалымат. *«Токтогул Ош жакта жүрөт» деген каңшаарды уктум* (Тоголок Молдо). *«Кен – мамлекеттин карамагына өткөрүлөт экен» деген каңшаарды уккандан бери оорусу ого бетер күчөп калды* (Сасыкбаев).

**КАҢШААРЛА** Каңшаар боюнча кабар алуу, билүү, имиш-имиш боюнча кабар берүү, кабардар болуу. *Каңшаарлап билүү.*

**КАҢШААРЛОО каңшаарла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢШЫЛА** Үнүн ичке чыгарып дабыш салуу (көбүнчө итке карата айтылат). *Бөдөнөнү көрсө, профессордун машкеси каңшылап жөнөйт экен, деген сөзгө Ашым да корстон* (Сыдыкбеков).

**КАҢШЫЛАТ каңшыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢШЫЛОО каңшыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢЫЛДА** Үнүн катуу чыгарып, кулакка жагымсыз добуш салуу. *Ырчылар сайрап каңылдап* («Манас»).

**КАҢЫЛДАТ каңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢЫЛДОО каңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢЫЛЖААР** *туурасы:* **кеңилжээр.** *Палоонун жыты алда немедей каңылжаарга токчулуктун даамын татытат* (Бейшеналиев).

**КАҢЫЛЖААРДЫ ЖАРУУ** *к.* **каңылжаарын жаруу.**

**КАҢЫЛЖААРЫН ЖАРУУ** Мурунду

жарчудай кескин жыт келүү, катуу жыттануу. *Буруксуган жемиштердин жыты комнатанын ичине тарап, каңылжаарды жарып жиберди* (Бейшеналиев). *Кычкыл жыт чабандын каңылжаарын жара берди* («Чалкан»). *Эринге тийгенде каңылжаарды жарып, жутканда көздү ала чакмактаткан бозодон эки-үч сыйра көтөрүштү* (Бейшеналиев). **В.: Каңшаарды жаруу.** *Сүр эттин жыты каңшаарды жара баштады* (Осмоналиев). *Буруксуган жыпар жыт Тойбайдын каңшаарын жарып жиберди* («Чалкан»). **Каңылжаарын өрдөө.** *Көк чөптүн жыты каңылжаарын өрдөдү* (Осмоналиев).

**КАҢЫЛТАК** Көрпөчө салынбаган, жалаң токулган (ээрге карата). *Каңылтак ээр.*

**КАҢЫЛТЫР I** Үйдүн үстүн жабууга колдонулуучу тунуке же жалпы эле жука темир. *Үйлөрдүн кирпичтери урап, каңылтырлары тешиле баштады* (Сасыкбаев). *Каңылтырдан жасалган калак менен шыпылдатып суза баштады* («Ала-Тоо»).

**КАҢЫЛТЫР II** *диал.* Балыктын бир түрү. *Тордун көзү толду эле, Каңылтырга жыкжыйма* (Токобаев).

**КАҢЫР-КҮҢҮР** Анча ачык угулбаган кобур-собур, дабыш, үн. *Эне-атасынын каңыркүңүрүнөн улам Назгүл менен Шарип да эрте ойгонушту* (Бейшеналиев).

**КАҢЫРСУУ каңырсы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАҢЫРСЫ** Күйгөндө, какшыганда ж.б. учурда кеңилжээрди ачыштырган, иренжиткен жаман жыт чыгуу, сасык жыттануу. *Өрттүн, ыштын, тердин жыты каңырсыйт* (Сасыкбаев). *Мылтык удаа-удаа тарс-тарс этkенде, дарынын каңырсыган жыты мурунду өрдөй берди* (Таштемиров).

**КАҢЫРСЫК** Каңырсыган сасык жыт. *Каңырсык жыттануу.*

**КАҢЫРСЫТ каңырсы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАҢЫРТ** 1. Билинер-билинбес, анча айкын сезилбеген дабыш, шыбырт. *Айдөштү имерилип, эми коктуга кире берерде туура жактан каңырт чыга түштү* (Сыдыкбеков). *Эмгекке бараткан кишилер каңырт чыгарат* (Сыдыкбеков). 2. Анча далилдүү болбогон, бүдөмүк кабар, каңшаар. *Сары-Жайыктагы казактардан имиш деген каңырт сөздөргө анча ишенген эмес элем* (Айтматов). *Мен иштин жайын билүү үчүн Рыбачьеге келдим. Анда дагы баякы эле каңырт кабарлар* (Каралаев).

**КАҢЫРЫГЫ ТҮТӨӨ** Катуу кейүү, бир нерсеге зээни кейип, катуу кайгырып жиберүү. *Умсунай гана эмес, беркилердин да капкайдагы ушак-айың сөздөргө каңырыгы түтөдү* (Сасыкбаев). *Сабыр чоң атасынын алдына арызга келгендей эркелеп кетти белем, каңырыгы түтөп араң айтты* (Сыдыкбеков). *«О согуш, согуш! – дедим каңырыгым түтөп. – Деги сенин кылбаганың калдыбы?!»* (Жигитов). *Өмүрү акиташ көрбөгөн дубалды, төбөсү түшкөн үйдү көрүп, каңырыгы түтөгөн* (Сыдыгалиев). *Негедир каңырыгы түтөп, башын чайкайт* (Тойбаев).

**КАҢЫРЫШ** 1. Кулагы жаздым уккан, чала уккан, кулагы катуу. *Каңырыш угуп кыйкыртып, Кулакты алдың карылык* (Тоголок Молдо). 2. Ачык эмес, даана аныкталбаган имиш-имиш кабар, каңшаар. *Каңырыш кеп. Каңырыш кабар. Коңшу мектептердин директорлору да документтерин жөнөтүшүптүр деген каңырыш угулган* (Бейшеналиев)

**КАҢЫРЫШТА** Кулагы жакшы укпай, каңырыш тартып калуу, начар угуу.

**КАОЛИП** Фарфор-фаянс, кагаз ж.б. өндүрүү иштеринде колдонулуучу отко чыдамдуу ак чопо.

**КАП I** Сын атоочтун капкара, капкараңгы, капкатуу сыяктуу күчөтмө даражасын түзгөн бөлүгү.

**КАП II** 1. Жүндөн, кебезден токулган, таар сыяктуу калың материалдан тигилген, ичине эгин, ун-талкан ж.б. нерселерди салуу үчүн колдонулуучу мешок сыяктуу идиш. *Жүз кап буудай. Бир кап жүн. Ышкынаалы очоктун жанындагы ун салган каптын үстүндө эки колу менен башын мыкчып отурду* (Байтемиров). *Калый жана башкалары көмүрдү шахтадан капка салып ташыган күндөрү да болгон* (Сасыкбаев). 2. Ичине бир нерсе салууга ылайыкталып жасалган баштыкча же чехол. *Жаздык кап. Казан кап. Мектеп менен айылдын Арасы он беш чакырым, Китеп кабым асынып. Мен барамын акырын.* (Осмонов). *Сакалы саадак кабындай Мурутy Букар шабындай* («Манас»). *Каныбек тапанчасын кабына салып, мурутун эки жакка жанып койду* (Жантөшев). 2. Кылычтын, канжардын кыны. *Атадан калган жойкума, Кармай калып сабынан, Суурyп алып кабынан, Кайраттанып имерди* («Сейтек»). *Уруш болгон абыдан, Суурулган кылыч кабынан* (Тоголок Молдо).

**КАП III** Өкүнгөндө, кайгырганда, капа болгондо колдонулат. *Кап, кайран, жигит, бөөдө майып болгон экен да!* («Ала-Тоо»). *Кап, ушуларды жайлап салбай* (Турусбеков). *Бир туруп: «Кап, Аркашка досумдун айгыр каздарынан сойдура келбей» – деп өкүнөт* (Сыдыкбеков).

**КАП IV** 1. Тиштеп алуу, тиш салуу (итке карата). *Мени кутурган ит капты* (Токомбаев). *Ит каппайт сени адам деп, Кыз сүйбөйт сени жаман деп* (Шүкүрбеков). 2. *өт.* Оройлук кылып, бирөөгө катуу тийүү, катуу айтуу. *Карышкырча жулунуп, Капкан ырчы болобу* (Токтогул).

**КАП ТООСУНДА, КӨЙКАПТА** Өтө чон, капкайда, адам баргыс жерде деген маанилерде колдонулат. *Гүлгаакынын гүлү бул*

*жерде болбойт, Көйкапта болот. Кош эми, калкыңа айт, каныңа айт* (Тоголок Молдо).

**КАПА I** Кандайдыр бир себепке байланыштуу көңүлү ачылбоо, убайым тартуу, кейүү сезими, кайгы. *Каймана сөздү айтпаңар, Капа болуп кайтпаңар* (Калмырза). *Каныбек жөнүндө эч капа болбоңуз, бир күнү келип калат* (Жантөшев). *Жамийла Даниярдын таарынчысын жазып, капасын ачмак* (Айтматов).

**КАПА II** Желдетилбегенден, ысыктан же адамдын деминен пайда болгон үп, демиктирген оор аба. *Күн ысыкта канчалык желдетилсе да палата ичи капа* (Бейшеналиев).

**КАПААТ** Каар, капалык, ачуу.

**КАПААТТАН** Ачуулануу, капалануу, каардануу, бир нерсеге теригүү. *Капааттанып үшкүрүгү таш жарат* (Сасыкбаев). *Башкарма кандайдыр бир жумуш көңүлүнө жакпай калып, аны бүтүргөн адамга ачуусу менен капааттанганда, так ушул мүнөздө сүйлөр эле* (Таштемиров).

**КАПААТТАНТ капааттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПААТТАНУУ капааттан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАПААТТУУ** Кайгылуу, каардуу, капалуу. *Неликтен келди ачууңуз, Капааттуу сөздү басыңыз!* («Манас»).

**КАПАДАР** Капалуу, кайгылуу, убайым тарткан, санааркаган абалда. *Кападар болуп күн-түнү, Кайгырбай жүргүн, ардагым.* (Бөкөнбаев). *Көбүрөөк сынды белибиз, Баам көп кападар элибиз* («Сейтек»).

**КАПАЛА I** Капа кылуу, кайгыга салуу, кайгыртуу. *Чоң дайраны жакалап, Чымындай жанды капалап* («Сейтек»). *Асан кайгы аталат, Баласы кетет капалап* (Осмонкул).

**КАПАЛА II** Жел тийбеген, ысык, үп жерде ысылоо, демигүү. *Кышта тоңуп, жайда турсам капалап* (Токомбаев).

**КАПАЛАН** Капа болуу, кайгыруу, бир нерсеге теригип, маанайы пас болуу, таарынып калуу. *Капаланбаңыз, баары жайында* («Ала-Тоо»). *Кайгырып капаланба, сезимдерим, Карайлап жүдөп турган кезим менин* (Бегимкулова).

**КАПАЛАНДЫР капалант** менен бирдей.

**КАПАЛАНТ капалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПАЛАНУУ капалан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАПАЛУУ** Кайгы-капасы бар, убайымдуу. *Кызы өлгөндөн кийин Санька абдан капалуу болуп, сүйлөшпөй калды* (Абдукаримов). *Чоң-Бүлөөлүдө болгон окуядан бери Каныбек абдан капалуу* (Жантөшев). *Алар үйдө жокто менден капалуу, менден ызалуу ким бар* (Сыдыкбеков).

**КАПАЛЫК** Кайгыга баткандык, убайымдуулук, капа болгондук. *Эне Жылдызканды карап, анын түрүн байкады. Эч кандай капалыктын шегин сезген жок* (Байтемиров). *Капалыкка алдырбай, Кайрат айтат өзүнө* («Эр Төштүк»). *Башымдан акыл кеткен бейм, Капалыктан чачылып* («Эр Табылды»).

**КАПАНА** *диал.* Чөптүн, самандын чогултулган кичинекей, майда чөмөлөсү, майда үймөгү.

**КАПАР** Ой, көңүл, назар. *Эч нерседен капары жоктой болуп Күлүкан турат* (Ашубаев). *Дилде кимдин капарына келип койгон секелек эле* (Касымбеков). *Жамат жаман тонун баса жамынып эчтемеден капары жок уктап жатат* (Элебаев).

**КАПАРГА АЛБОО** Көңүл бөлбөө, элес кылбоо; тоотпоо, кабагым-кашым дебөө.

**КАПАРСЫЗ** Бейгам, бейкапар, эчтеме менен иши жок, түйшүксүз. *Эч нерседен капарсыз Гүлайым шар жооп берди* (Бейшеналиев). *– Баталашкан куда элек,– деди Казак капарсыз отурган Адыкеге* (Сыдыкбеков). *Эчтекеден капарсыз жаткан кезимде ушул шумдук кабарды угуп калып, тынчым кете баштаганын үйдөгүлөр сезип калышты* (Абдукаримов).

**КАПАРЫНА АЛБОО** Тоготпоо, маани бербөө, анчалык көңүл бурбоо. *Аны эч ким капарына албады* (Бейшеналиев). *Курмановдун азыркы тийишкенин анчалык капарына албагандай* (Бейшеналиев). **В.: Капарына келбөө.** *Көйнөк, дамбалым шүүдүрүмгө чыланып, асты жагыман сыз өтүп жатканы да капарыма келген жок* (Жигитов).

**КАПАС** 1. Колго багылуучу канаттууларды же жапайы айбандарды камап коюучу тор. *Капас шыпта илинүү* («Ала-Тоо»). *Капасты ачып, ичиндеги кушту чыгарып жиберди* («Жомоктор»). *Капаска конуп алган соң, бөдөнө сайрап берет* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Эрксиздик, камалуучу жай, түрмө. *Батийна узап бараткан келиндей сезбей, өзүн капаска бараткан эрксиз туткундай баамдаган* (Сыдыкбеков). *Капаста антип жүрсөм да, Тилегим жалгыз баламда* (Токтогул). *Калың элди көрсөтпөй, Капаска койду бактырып* (Казыбек).

**КАПАСЫЗ** Кайгы-капасы жок, бейкут, жайдары, убайымсыз. *Капасыз өмүр сүрүү.*

**КАПАТ** Кордук, капалык, кайгы. *Анда Көкчө кеп айтат: Айтпайсыңбы көй төрө, Азгырчу кулду соо коюп, Адырайып олтурбай. Барыңды капат алсын бу көрө!* («Манас»).

**КАПАЧЫЛ** Капалана берме, убайымчыл, кейикчээл, кайгычыл. *Элебес эзелтен жөнү жок капачыл, күйкөлөк адам* (Элебаев).

**КАПАЧЫЛЫК** Капалык менен бирдей. *Капачылык болбосун, бардыгын ойдогудай кылып орундатып коёбуз, аксакал* («Ала-

Тоо»).

**КАПЕЛЛА** 1. Чиркөө ырчыларынын хору. 2. Жалпы эле ырчылардын хору же ырчылар менен музыкалык аспапта ойноочулардын кошмо ансамбли. *Мамлекеттик академиялык капелла.*

**КАПЕЛЬМЕЙСТЕР** *муз.* Вокалдык же аспаптык капелланын, кийин – театр, аскердик симфониялык оркестрдин жетекчиси.

**КАПИЛЕТ** 1. Эч нерседен капары жок, убайымсыз, тынч жайма-жай. *Капилет жатат кыргыздар* («Эр Төштүк»). *Капилет уктап түш көрдүм* («Курманбек»). *Капилет жаткан кезинде Каптап кирип калгыла* («Эр Табылды»). 2. Кокусунан, капысынан, күтүлбөгөн жерден, мезгилсиз, байкатпай, билгизбей. *Кайраттуу көк жал асылга, Капилет өлүм кылды эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *Капилет болуп калбагын* («Манас» С.О.). *Көк чоң теректин түбүндө отурат. Ажалдуу чымчыкты капилеттен кармап алган ач күйкөдөн бетер үңүлө күймөнөт* (Касымбеков). *Капилет келип шум кабар, Капага салды өзүмдү* (Нуркамал). *Капилеттен түшүпмүн, Казылган терең оруна* (Казыбек). *Капилеттен каргашага кабылып, Канга забын болуп канжар калтырайт* (Маматова). 3. *өт.* Кысталыш, оорчулук, кыйынчылык. *Капилеттен сөз тапкан Караңгыда көз тапкан, Ойронум Бакай кайдасың?* («Манас»). *Эл Акылкарачачтын капилеттен жол тапкан акылмандыгына чоң баа берет* («Жомоктор»).

**КАПИЛЕТ ДҮЙНӨ** Жалган дүйнө. *Андан өткөн кадийлигиң кайсы эле бу Капилет дүйнөдө* (Даникеев).

**КАПИЛЛЯР** 1. *физ.* Эң ичке айнек түтүкчөлөр. 2. *анат.* Кан жүрүүчү майда тамырлар.

**КАПИЛЛЯРДУУЛУК** Суюктуктун капилляр аркылуу көтөрүлүү жана төмөн түшүү жөндөмдүүлүгү.

**КАПИТАЛ** Киреше алуу үчүн колдонула турган товарлардын, мүлктөрдүн, активдердин жыйындысы. *Өнөр жай капиталы. Каржылык капитал. Банк капиталы.*

**КАПИТАЛДЫК капитал** дегенге тиешелүү. Тааандык.

**КАПИТАЛДЫК КУРУЛУШ** Эл чарбасынын негизги фондуларын кеңитүү жагын камсыз кылуучу өндүрүштүк жана турак жай курулуштары.

**КАПИТАЛДЫК РЕМОНТ** Үйдүн, станоктун, машинанын ж.б. негизги бөлүктөрүнө тийиштүү болгон толук ремонт.

**КАПИТАЛДЫК САЛЫМ** Капиталдык курулуштарга жумшалуучу каражаттар.

**КАПИТАЛИЗМ** Өндүрүш каражаттары жеке менчикке тиешелүү болгон, капиталкиреше, кошумча нарктын жана жалданма эмгекке негизделген коомдук түзүлүш.

**КАПИТАЛИСТ** 1. Капиталдын ээси. 2. *сүйл.* Бай, акчасы көп адам.

**КАПИТАЛИСТТИК** Капитализмге мүнөздүү болгон, капитализмдин принциптерине негизделген, ылайык келген. *Өндүрүштүн капиталисттик ыкмалары. Капиталисттик коом. Капиталисттик система. Капиталисттик мамлекеттер.*

**КАПИТАН** 1. Армияда ага лейтенант деген наамдан кийин берилүүчү офицердик наам, чин жана ушундай наамы бар адам. *Капитан Иванов ордунан тура какая честь берди* («Ала-Тоо»). 2. Кеменин командири. *Кораблдин капитаны. Капитандын жардамчысы. Капитан баштап кемени, Толкундап турган көл көрдүм* (Бөкөнбаев). 3. Спорттук команданын жетекчиси, башчысы. *Футболдук команданын капитаны. Волейбол командасынын капитаны.*

**КАПИТАН-ЛЕЙТЕНАНТ** Флоттогу ага лейтенант деген наамдан кийин берилүүчү офицердик наам жана ушундай наамы бар адам.

**КАПИТУЛЯНТ** Капитуляцияга мажбур болгон, жеңилген, кыйынчылыктан баш тартып, багынып берген адам же тарап.

**КАПИТУЛЯЦИЯ** Жеңген тараптын шартына макул болуп согуш аракетин токтотуу, багынып берүү. *Капитуляция актысы. Капитуляцияга кол коюу.*

**КАПИЯ** Кысталыш, кыйынчылык абал, капилет боло калган кыйын шарт. *Капияда сөз тапкан, Караңгы түндө көз тапкан* («Сейтек»).

**КАПКА** 1. Сепилдин, чептин шаарды курчап салынган чоң коргондун дарбазасы, эшиги. *Капканы кайтарган күзөтчүлөр* (Бөкөнбаев). *Кайрылып ачар капкаңды катуу жаппа* (макал). *Он эки катар капкадан, Чыга калды шаңданып* («Семетей»). 2. Башы туюк бийик капчыгай. *Он эки капка коргонго* («Манас» С.О.).

**КАПКАЙДА** Эң алыста, өтө ыраакта, эң эле алыста. *Кучактап туруп сыр айтып, Кетпедим беле капкайда* (Маликов).

**КАПКАЙДАГЫ** 1. Өтө эски, мурдагы, илгерки, капкачанкы, илгери болуп өткөн. *Капкайдагы кептерди эсинен чыгарбай, бардыгын бабырап айтып берип отурганын көр!* («Ала-Тоо»). 2. Өтө алыстагы.

**КАПКАК** 1. Идиштин же оозу жабыла турган башка нерсенин жаап коюуга ылайыкталып жасалган үстүнкү бөлүгү, жапкычы. *Жер очокту каздырып, Жез капкактуу казандан, Жетимишин астырып* («Манас»). *Үкөктүн, сандыктын капкактарын жаап, кулпусун бекитип коёр киши табылбаган экен да!* («Ала-Тоо»). 2. Комуз, кыл кыяк сыяктуу музыкалык аспаптардын чертиле турган жакка бөлүгүндөгү көңдөйдүн үстүнө орнотулган жука тактайча. *Комузунун капкагын, Сындырып сала таштады* («Мендирман»). *Сомдоп алган комузум,*

*Капкагы калың карагай* (Токтогул).

**КАПКАКТА** Капкак орнотуу, капкак салуу. *Капкактаган үкөк. Капкактаган комуз.*

**КАПКАКТАН** Көз жапкычтары шишимек тартып, саландагансып туруу. *Көздөрүнүн үстү капкактана түшкөн байбиче сурданып, каарданып, Батийнага тап берет* (Сыдыкбеков).

**КАПКАКТАТ** **капкакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПКАКТОО** **капкакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАПКАКТУУ** Капкагы бар, капкак салынган. *Абыл дубалдын түбүнө келип, капкактуу комузду сылады* (Каимов).

**КАПКАЛДЫРЫК** Костюм, пальто сыяктуу сырт кийимдин чөнтөк жапкычы. *Костюмдун чөнтөгүнүн капкалдырыктары делдеет* («Кыргызстан аялдары»).

**КАПКАЛУУ** Капкасы бар, капка салынган. *Капкалуу шаар. Капкалуу болот коргонум* («Эр Табылды»). *Капкалуу шаар, калааңды, Кайрылып баатыр, көрүңүз* («Сейтек»).

**КАПКАН** 1. Жапайы айбандарды, түлкү, суур, карышкыр, элик ж.б. кармоого ылайыкталып жасалган жаа сыяктуу эки жаагы бар аңчылык куралы. *Белеске салган капканын, Береке кылган тапканын* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бирөөнү колго түшүрүү, илинтүү үчүн кылган амал, айла. *Мунун баары менин жолума салынган капкан* (Бейшеналиев). *Куруп жатты душманга, Ар ким билген капканын* (Жантөшев).

**КАПКАН БУЗУП, ТУЗАК ҮЗГӨН** Жеткен шылуун, ашкан куу, шум. – *Капкан бузуп, тузак үзгөн сенби?! Же менби?!...* («Ала-Тоо»).

**КАПКАНЧЫ** Капкан салган, капкан менен аңчылык кылган адам. *Адис капканчылар үчүн жылдын бардык мезгилдерине караганда сары сойгокто карышкыр кармоо оңой* (Каимов). *Кашкулак менен суурду, Капканчы кармап көп алат* (Тоголок Молдо).

**КАПКАЧАН** Небак, алда качан. *Баланын жездеси менен эжеси өз шаарын көздөй капкачан кеткен* («Жомоктор»). *Кабарын берген капкачан* (Маликов).

**КАПКАЧАНКЫ** Небактагы, илгерки, мындан көп убакыт мурда болуп өткөн, нечактагы. *Капкачанкы катып калган, Такыр жерден суу чыгардык* (Осмонкул). *Капкачанкы сөзүмдү, Кайрадан эми эстеттиң* («Эр Табылды»).

**КАПКАЧЫ** Шаардын же чептин капкасын кайтаруучу, капканы ачып, жаап туруучу. *Деп, ошентип, Момунжан, Кастуу түмөн капкачы* («Сейтек»).

**КАПОР** Тумак сыяктуу ээк алдынан байлоочу, бети гана ачык калуучу баланын же аялдын баш кийими.

**КАПОРТО** 1. Идиштин (кап, аяк, чака ж.б.). тең жарымы, жартысына чейинки бөлүгү. *Мага келе жаткан аяк капортосунан эле* (Элебаев). *Талкан каптын капортосунан эле* (Элебаев). *Талкан каптын капортосуна түшө бөксөрүп бараткан экен* («Ала-Тоо»). 2. Жыл мезгилинин орто чени, ортолоп калган мезгили. *Кыштан кыйналып чыккан уйлар жай капортосуна чейин жарытып сүт да бере албайт* (Убукеев). *Кыштын капортосу болуп калган* (Элебаев).

**КАПОРТОЛО** Түгөнөр, аяктар абалына жеткирбей, ортолоп барып коюу, орто ченине жеткирип токтотуу. *Ишти капортолоп койгонубузда, бизге дагы жаңы жардамчылар келишти* («Жаш ленинчи»). *Биз бир тарелкадан күрүч сорпону капортолоп калган кезде өңү тааныш бирөө кирди* (Элебаев).

**КАПОРТОЛОО** **капортоло** этишинин кыймыл атоочу.

**КАПОРТОЛОТ** **капортоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПРИЧЧО** *муз.* Кубулмалуу кайрыктары тез алмашып туруучу эркин формадагы аспаптык пьеса.

**КАПРОН** Жасалма буланын бир түрү жана ушундай буладан токулган кездеме. *Капрон жоолук. Капрон байпак.*

**КАПСАЛАҢ** 1. Кардуу бороон, алай-дүлөй бурганак. *Капсалаң болбой жут болбойт, кара өзгөй болбой доо болбойт* (макал). 2. Дүрбөлөң, жоболоң, чыр-чатак. *Капсалаң салчу баласың, Калмак курчап калды деп* («Манас»). *Иштин баары капсалаңсыз, Эл тынчтыкка бурулду* (Нуркамал).

**КАПСАЛАНДА** Капсалаң түшүү, тынчы кетип, дүрбөлөң салуу. *Согуш өртүн капсалаңдатып көтөргөн, Атомчулар чирик чынжыр тор менен* (Токомбаев).

**КАПСАЛАНДУУ** 1. Бороон-чапкындуу, борошолуу. *Ушундай капсалаңдуу түндө суу өтпөс плащын чүмкөй кийген Самар короо четинде* («Ала-Тоо»). 2. Капсалаңы бар, дүрбөлөңдүү, жоболондуу, жаңжалдуу. *Капсалаңдуу бул кабар Сузак райондук милиция кызматкерлерине да кабарланды* («Кыргызстан пионери»). *Кенди душмандан коргоонун ушундай капсалаңдуу учуру менен алп урушуп жүрүп Ашыр үй-жайын эсинен чыгарып койду* (Сасыкбаев).

**КАПСУЛА** 1. Ичине суюк же күкүмдөлгөн майда дары салынган желатинден, крахмалдан жасалган кабык. 2. Дене мүчөлөрүнүн ар бирин же айрым бөлүктөрүн өзөзүнчө бөлүп каптап турган кабыгы, чел кабыгы.

**КАПСЫЛАЗАМ** *дин.* Жолоочуларды, башка жерде жүргөндөрдү колдоочу олуянын аты. Жолоочунун пири. *Кайтып келди Токтогул, Капсылазам жар болуп* (Токто-

гул). *Бирде касиеттүү Капсылазам колдосо, бирде Кырк чилтен, бирде жакшылык ыроологон Жоламан колдоп, куттуу ордосуна көңүлү куунак кайтат* (Субанбеков).

**КАПСЮЛЬ** Урулганда жарылуучу зат (дары) аркылуу от алып келип, зарядды жарылуу абалына келтирүүчү металл калпакча.

**КАПТА I** 1. Ташуу, жыйноо үчүн эгинди же башка нерсени каптарга салуу, кап-кап кылуу. *Ак жубаздан күрүчтү Каптап алды басмачы,* (Барпы). *Каптап ташып эгинди, Кампага төгөр кез келди* (Осмонкул). 2. Бир нерсенин сыртына кап кийгизүү, тыштоо. *Жуурканы менен жаздыктарын жаңы каптап бүтүп, жүгүнө жыйып койгон эле* («Ала-Тоо»). *Кыягым үндүү болсун деп, Кургатып шири каптадың* (Осмонкул).

**КАПТА II** 1. Жабылып кирүү, жапырт басып кетүү. *Каптаган душман ала албайт, Тилектеш болсо миң адам* (Токтогул). *Батыш тараптан бир топ жылкы желени көздөй каптап келатканын көрдүк* (Абдукаримов). 2. Бир нерсенин үстүн, бетин жаап, тосуп калуу, жайылып кетүү. *Колоттун бардыгын жөө туман каптады* (Жантөшев). *Топон суудай ташкындап каптап келди* («Ала-Тоо»). *Кыш мезгил, жердин бетин кар каптаган* (Турусбеков).

**КАПТАГАЙ** 1. Жапайы төө. *Атамдын аты Каптагай, Армандуу болдум бир далай* (Тоголок Молдо).

**КАПТАЛ I** 1. Дененин оң жана сол жак бөлүгү, тарабы, капшыты. *Капталга түртүшүп, колхозчулар күбүр-шыбыр сөздөрдү сүйлөп дүүлүгүштү* (Убукеев). *Нурбай атты эле, ок аюунун оң капталына тийди* (Баялинов). *Каң дедире бууранды, Капталга тартып жиберди* («Эр Төштүк»). 2. Нерсенин оң жана сол жакты капшыты, тарабы. *Бүгүн отту чоң жаккандыктан, мештин капталы кызарып чыккан* («Ала-Тоо»). *Пароходдун капталынан тартып, так мачтасына чейин агарып муз тоңуптур* (Баялинов). *Балдар теректин капталын көздөй жабыша калышты* (Сасыкбаев). 3. Тоонун, дөңдүн боору, жантайма бети. *Бекен бет маңдайындагы капталдан тике ылдый түшүп келатты* (Каимов). *Каныбек каптал менен батышка карай ылдыйлап жүрүп отуруп, тегирмендин тушуна барды* (Жантөшев). 4. Бир нерсенин туура тушу, туш жагы. *Капталынан Акбалта Качырып найза сунганы* («Манас»). *Колхоз мекемесинин капталындагы көк шиберде үй мүйүз тартып чокмороктогон эл* (Бейшеналиев). *Капталдан чыга калды эр кызылдар* (Үмөталиев).

**КАПТАЛ II** 1. **капта I** этишинин туюк мамилеси. *Жууркан капталды. Капталган эгин.* 2. Бир нерсеге туш келүү, кабылуу. *Бул тилимди албасаң, Капталсарсың бузукка, Жолугарсың кызыкка* («Эр Төштүк»). *Калың элге каптаалып, Кармашып бир аз шашылдык* («Эр Табылды»).

**КАПТАЛДА** Каптал менен жүрүү, каптал менен өтүү. *Алар капталдай басып отурушуп, Ашырдын коюнун алдынан чыгышты* (Жантөшев). *Аскалуу тоону капталдап, Жагалмай келет асмандап* (Бөкөнбаев).

**КАПТАЛДАТ капталда** этиштин аркылуу мамилеси.

**КАПТАЛДОО капталда** этиштин кыймыл атоочу.

**КАПТАЛДУУ** 1. Капталы бар. 2. *өт.* Семиз, семирген. *Капталдуу мал.*

**КАПТАЛЫН САЛУУ** Жактырбоо, көңүлсүнбөө, тоотпоо, сыртын салуу.

**КАПТАЛЫНАН КҮН КӨРҮНҮҮ** Абдан арыктоо, кыржыйып өтө арык, алсыз абалда болуу. *Баккан малдарынын капталынан күн көрүнүп турса, анан кайсынысына бордоо совхозу деп айтабыз* («Чалкан»).

**КАПТАТ I капта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПТАТ II капта II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПТОО I капта I** этиштин кыймыл атоочу.

**КАПТОО II капта II** этиштин кыймыл атоочу.

**КАПТЫР кап IV** этиштин аркылуу мамилеси.

**КАПТЫРГА** Желдик. *Каныбек чөптүн арасында жаткан каптырганы колуна алды* (Жантөшев). *Каптырганы эртең Актан келиштирип жасап бүтмөк болгон. Ээрдин ченин алып калган* (Бейшеналиев).

**КАПУСТА** Кат-кат жалбырактуу, формасы тоголок, тамак даярдоого колдонулуучу бакча өсүмдүгү, керем. *Туздалган капуста. Ачытылган капуста.*

**КАПЧАЛ** Бийик зоокалуу тар капчыгай. *Кара-кыя капчалга, Жол салганда бир өлбөй* («Сейтек»). *Капчал ташты пааналап, Калмактын четин аралап* («Эр Табылды»).

**КАПЧЫГАЙ** Эки жагы бийик аска, зоока келген узун тилкелүү өрөөн, кокту. *Кайсы тарапка караба – бийик кокту, капчыгай, адам жүргүс аска* (Жантөшев). *Капчыгай арасы жаңырып турду* (Сыдыкбеков). *Аскалуу бийик зоосу бар, Тар капчыгай коосу бар* («Манас»).

**КАПЧЫГАЙЛУУ** Капчыгайы бар. *Карарып оозу көрүнөт, Капчыгайлуу быткылдай* («Эр Төштүк»). *Капчыгайлуу зоолордон, Каз бөктөрүп жүргөндүр* («Манас»).

**КАПЧЫК II** 1. Көбүнчө акча салынуучу баштыкча намыян. *Садака деген нерселерге молдонун капчыгы толот* (Сасыкбаев). 2. Кичине баштыкча. *Алда немелер салынган брезент капчыктын узун боосу бир колунда* (Сыдыкбеков). *Капчыктары жонунда, Катар басат жанашып* (Үмөталиев).

**КАПЧЫК I** Ич, карын, курсак. *Чаңкап*

*турган кош буудан, Кош буудандын капчыгы, Чанактай болуп толду эле* («Семетей»). *Иштеп жаткан кедейлердин капчыгы толбой, курсактарынын ачынан ыргалышат* (Каралаев). *Жайлоонун жашыл чөбүнө капчыгы тарсая чыккан күрөң уй анда-санда музоосун жалап коюп, бейпилдикке магдыроодо.*

**КАПЧЫКТУУ** Курсагы чоң, капчыгы чыккан. *Капчыктуу кара бээнин кулунун, сага энчиледим, жээн* («Ала-Тоо»).

**КАПЧЫТ капшыт** менен бирдей.

**КАПШАП** Шылтоо, кесепет, түрткү. *Капшап менен кол жыйнап, Калбасын жандане кечкен кул* («Эр Табылды»). *Бир күнөөнүн капшабы менен капкайдагынын баарын моюнга үйө бербегин* (Бейшеналиев). *Сенин капшабыңдан иш илгерилебей калбадыбы* («Ала-Тоо»).

**КАПШЫ капшыр** менен бирдей. *Жайдаңдап ыкшап, капшый кармаганда, сестенип табияттын уулу сүрдөөр* (Турусбеков).

**КАПШЫР** 1. Катуу нерсени ичин көздөй кабыруу, майыштыруу. *Кармаганын капшырган, Алптар кетти аскерге* (Барпы). *Ак болотум капшырдым* («Эр Табылды»). *Алты канат ак үйдү, Аркасына капшырдың* (Тоголок Молдо). 2. Бүктөй кармоо, кабыштырып кыса кармоо. *Капшыра келген жоо болсо, Балам качырып найза сайып бер* («Манас»). *Качырыша келгенде, Капшыра тартып кармаса* («Мендирман»). *Жакасын капшыра кармап, тобо келтирип калган кези экен да* («Чалкан»). 3. *өт.* Мизин кайтаруу, талкалоо, кыйратуу. *Капшырдык тап душмандын кабыргасын* (Бөкөнбаев).

**КАПШЫРТ капшыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАПШЫРУУ капшыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАПШЫТ** Үйдүн төрдөн ылдыйкы эки каптал жагы. *Көкөнүн көзү капшыт жактагы калкайган чоң күзгүгө барып урунду* (Касымбеков). *Калкка барса кадырлуу, Капшытка төшөк салынуу* (Жеңижок). *Бермет сол капшытка калыңдап жай салдырды* (Осмоналиев). *Төрдөн ылдыйлап жылып отуруп, үйдүн капшытына барып токтодум* («Чалкан»).

**КАПШЫТЫ ЧЫГУУ** Ток пейил тартуу, көңүлү тоюу. *Паризек Бертанын карааның көрүп эле, капшыты чыга түштү* (Ашымбаев).

**КАПЫЗ апыз** менен бирдей. *Ал акырын эңкейип, капыздын этегине тооп кылды* (Касымбеков).

**КАПЫЛ** Кабарсыз, ойдо жок жерден, капыстан. *Караңгыда көз тапкан, Капыл жерден сөз тапкан, Жол баштап келген Бакай го* («Манас»).

**КАПЫЛ-ТАПЫЛ** Кокусунан, күтпөгөн жерден, шашылыш түрдө. *Гүлайымдын капталынан жээрде кашка атын чекчеңдетип, Түркүң чал капыл-тапыл чыга калды* (Бейшеналиев). *Капыл-тапыл биздин взвод ресторанды басты* («Ала-Тоо»).

**КАПЫР** 1. Ислам дининен башка диндеги адам. *Караңгы элге капыр да молдо* (макал). *Капыр менен мусулман, Койбой баарын чакырсак* («Манас»). 2. *өт.* Жүрүм-туруму начар, адепсиз, кара ниет, кара санатай, митайым, куу. *Өрөпкүгөн катынга, Эр албаган капырга, Өзүм жеке барбасам* («Сейтек»). *Ой, капырдын тили ай!* (Сыдыкбеков). *Жыйналышта сүйлөп дасыгып калган капыр эмессиңби* (Бейшеналиев).

**КАПЫРАЙ** Таң калганда, суктанганда, өкүнгөндө, кейигенде ж.б. учурларда колдонулат. *Капырай, жамандыкты кулагың укпасын* (Байтемиров). *Капырай, бул кызым башкача* («Жаш ленинчи»).

**КАПЫС** Байкоосуз, кокус, күтпөгөн жерден. *Алдыман капыс чыга каларын билгенде, мен мурдатан даярданып турбайт белем* («Ала-Тоо»).

**КАПЫСТА** Байкоосуз жерде, көмүскөдө, өңүттө. *Кайдан билдик калмактын Кароол карап күч жыйнап, Капыста жатып алганын* («Эр Табылды»).

**КАПЫСТАН** Капысынан, кокусунан, байкоосуздан, күтпөгөн жерден. *Капыстан берилген бул суроо Талчаны муштум менен капталдан ары койгонго тете болду* (Байтемиров). *Кай бир аттарды капыстан «быр» этип учкан бөдөнөлөр чочутат* (Жантөшев). *Жылдызкан капыстан кирип келип, агасынын суроосунан чочуп кетти* (Байтемиров).

**КАПЫЯ капия** менен бирдей. *Калкына кеңеш иш түшсө, Капыядан сөз тапкан* («Эр Табылды»).

**КАПЫЯЛА** Какшыктоо, кээр сөз айтуу, кааруу, жекирүү. *Капкайдагы сөздөр менен Тоту Сакадайды капыялап, каарый баштады* (Жантөшев). *Шарапат капыялап башкаларды, Тикендей тыз эттире сөз келтирет* (Абдыраманов). *Бүгүн түнү Москвага карап жөнөп кетсең да болот – деп, Чолпонбайды экинчи келин капыялады* (Жантөшев).

**КАПЮШОН** Сырт кийимдин желкесине кошо тигилген башка кийилүүчү чүмкөмө.

**КАР I** 1. Ак түстөгү, кристалл түрүндөгү кышкы атмосфералык жаан-чачын, кыш күндөрүндө жер бетин каптап жаткан ушундай жаан-чачындын туташ массасы. *Жаш кар аңчылык үчүн абдан ыңгайлуу* (Каимов). *Тоонун агарган кары, жалтыраган музу алыстан көздү уялтат* (Сыдыкбеков). *Ак кар, көк музда үйүңүздөн кубалашыңыз кандай* (Жантөшев). 2. *өт.* Туура эмес, туруктуу эмес. *Кайнаган кытай дини кар* («Манас» С.О.). *Каапырдын дини кар экен* («Манас» С.О.).

**КАР II** Кордук, муктаждык, азапка салган кыйын абал, оор шарт. *Бул уулуң чоңойсо, Акылбек келгенче кар болбойсуң, аяш!* (Жантөшев). *Чама чарчап, ал кетип, Байкуш чоро кар болгон* («Сейтек»). *Талатып малын түгөтүп, Акыры өзүн кар кылды* (Тоголок Молдо).

**КАР III** *диал.* Керең, дүлөй. *Олуя болсоң шал кылчы? Кулагымды кар кылчы?* (Барпы).

**КАР БАСУУ** *аңч.* Тайгандын жашын билгизет, бир жашы – бир кар басты, эки жашы – эки кар басты делип саналат. *Алты кар баскан түлкү. Эки кар баскан жаш тайган. Учар көп жашады, он алты кар басты* («Ленинчил жаш»).

**КАР ЖИЛИК** Күң жиликтен кийинки ийрирээк келген жилик.

**КАР ЧЕРҮҮ** *тар.* Жергиликтүү башкарууну шайлоо учурунда эски, мурунку талапкерди жактоочу топ.

**КАРА I** 1. Ири мал, бодо мал (майда жандыктардан башка мал). *Байгенин артын айталы: Тогуз кара, токсон кой* («Манас»). *Он карадан, бир кара кесими бар дечү эле* (Токтогул). *Азыр деле анча кедей эмесмин, Жүздөй жандык, ондон артык кара бар* (Токомбаев). 2. *диал.* Уй (бул кара мал болуп да айтыла берет).

**КАРА II** Кыйынчылык учурда, башына иш түшкөндө таяныч кылар, бел тутар жөлөк, тирек. *Аттанып жоого чыкканда, Ала-Тоодой карасы* («Семетей»). *Жабдык салып ат минип, Жака салып тон кийип, Жанымда болгон карам жок* («Манас»). 2. Көзгө элестелген, көрүнгөн караан, сөлөкөт, элес. *Байгеге жакын барганда, Карасы жакын калганда* (Тоголок Молдо). *Беш жыл бою тентип кеттим дайынсыз, Сагындың го бир көрө албай карамды* (Турусбеков).

**КАРА III** 1. Көмүргө, көөгө окшогон түс, өң. *Кара жоолук. Кара көйнөк. Кара козу.*

2. Ушул түстүн башка өң менен аралашкан, кошулган түрүн атоо үчүн колдонулат. *Кара кочкул. Кара сур. Кара күрөң. Кара ала. Кара көк. Кара чаар.* 3. Жалаң, башка эч нерсе аралашпаган, катышпаган, карандай. *Кара кесек. Кара жарма. Кара суук. Кара шамал.* 4. *өт.* Жазуу. *Кара таанybаган адам.* 5. Адаты, ой-санаасы, адамга кылган мамилеси ж.б. жагынан терс мүнөздө экендигин көрсөтүүдө колдонулат. *Кара көңүл. Кара ниет. Кара санатай. Кара бет. Ичи кара адам. Бирөөгө кара саноо. Пейли кара уулума бере албаймын атымды* («Курманбек»). *Кара жүрөк Канчоро, Кан болуп бийлик жүргүзду* («Семетей»). 6. Өлүмгө байланыштуу түшүнүктөрдү атоодо колдонулат. *Караны башка салынып, Карагымдын түшөт мээнети* («Эл адабияты»). *Кара аш. Кара тутуу.* 7. Айыбы, күнөөсү бар, ак эмес. *Азыркы заманда бирөөнү ак жеринен кара деп айта турган ким экен?* («Ала-Тоо»). *Карага иши айланды, Кастыгы жок кармады* («Семетей»). 8. Кары жок, кар жатпай, карарып турган абал. *Алайда быйылкыдай жер кара болчу эмес эле* («Ала-Тоо»). *Жер карада мал колду карабай, жайыттан оттойт* («Ала-Тоо»). 9. Башкалардан өзгөчөлөнбөгөн, даражасы, мансабы жогору деп таанылбаган, жөнөкөй, карапайым кара калк. *Кара дыйкан. Кара букара.* 10. Эл, көпчүлүк масса. *Калың кара жедигер Калбай кел деп чакырды* («Сейтек»). 11. Кулдарды, күңдөрдү же башка бейбечараларды кемсинтүү, «кем» деп баалоо маанисинде айтылган эпитет. *Кара кулдан тогузду, Кара күңдөн тогузду, Байгесине сайыптыр* («Манас»).

**КАРА IV** 1. Бирөөнү же бир нерсени көрүү үчүн көз жүгүртүү, көз салуу, көрүү сезими аркылуу байкап чыгуу. *Адыл ордунан турду да, отургандарга кыдырата карады* (Сыдыкбеков). *Элик эдиреңдеп жүгүрүп келип, маңдай жагыбызга тура калды да, эки жагын карады* («Ала-Тоо»). ‖ Белгилүү бир тарапты, багытты карай баш буруу, багытталуу. *Башы ылдый, аягы асманды карап калганын көрчү* («Чалкан»). *Терезелери батышты караган чатырлуу тамдан түтүн бурулдайт* («Ала-Тоо»). 2. Кандайдыр бир ишти, маселени талкуугa алуу, текшерүү жүргүзүү. *Кечке Садык правления чакырып, Татыбектин маселесин караган* (Байтемиров). 3. Малдын куутун билдирүү үчүн колдонулат. *Айгыр бээни карады.* 4. Белгилүү бир убакыттын, мезгилдин өтүшү же бирөөнүн канчага келгенин, канча жашка чыкканын ж.б. билдирүү үчүн колдонулат. *Биздин үй-жайлуу болгонубуз качан, мына быйыл он жылга карап калды* («Ала-Тоо»). *Үчүнчү мартка караган түнү болгон окуя* («Чалкан»). *Касейин быйыл жыйырма төрткө карады* (Сыдыкбеков). 5. Карамагына өтүү, тийиштүү болуу. *Бул жайыт жерлер көптөн бери биздин колхозго карайт эмеспи, андыктан башка жактан келгендерди кондурбай, коруй турган акыбыз бар* («Ала-Тоо»). 6. Көңүл буруу, көз салуу, кам көрүү, каралашуу, асыроо. *Үй-жайына, бала-чакасына карабай бет алды кете берген ким бар, биз да алардын камын жеп жүрөбүз* («Ала-Тоо»). *Ышкынаалыны аялы карабайт, карабаган сайын эри буулугуп баратат* (Бейтемиров). *Тууганына карабаган жигитпи?!* («Ала-Тоо»). *Ата-энесине карай турган адам сендей болобу?* («Чалкан»). 7. Сарп кылууну, коротууну же кандайдыр бир керекке жаратууну каалабоо, аёо, сарандык кылуу. *Акчага карап отуруп куру калдыкпы, ала турган малды баасы келгенде алып коюш керек эле* («Ала-Тоо»). 8. Тамак-аштан алгыла, жегиле деп

сунуш кылуу, өтүнүү маанисинде айтылат. *Курбум, чайга кара! – деди Иса чай сунуп жатып (*Сасыкбаев*). Кана, Чүкө, нанга караңыз* (Баялинов). 9. Кандайдыр бир ишке, окуяга таң калуу, өкүнүү же аны мактоо, кубаттоо маанисинде айтылат. *Эртеден бери алам деп отуруп, кетеримде унутуп калганымды кара* («Ала-Тоо»). *Куба- лап жетпей калганымды кара* («Чалкан»). *Э-эй, тетиги аюунун карагайга чыгып бараткaнын кара* («Жаш ленинчи»). *Ишибиз оңдой берди болуп, бүгүн күн ачылып кеткенин кара* («Ала-Тоо»).

**КАРА АЛАМАН** 1. Жөнөкөй эл, карапайым букара эл, көпчүлүк. *Кара аламан бары өлдү* («Семетей» С.К.). *Кара аламан калганы* («Манас» С.О.). 2. Көпчүлүк катышкан чаң-тополон, будун-чаң. *Кара аламан чабуулда Кайсы экени билинбей* («Эр Табылды»). *Наркы күңгөйгө чыгышса, быяктагыдан өткөн кара аламан* (Бейшеналиев).

**КАРА АЛТЫН** Таш көмүр. *Кара алтынды казып чыгар, Өндүрүштүн тамагын* (Бөкөнбаев). *Кара алтын вагонеткаларга жүктөлүп жатты* (Сасыкбаев).

**КАРА АШ** Өлүк көмүлгөндөн кийин элге берилүүчү тамак. *Кара ашына кайнатып* («Семетей» С.К.).

**КАРА БАЙЫР** 1. Таза кандуу жылкы менен жөнөкөй жылкыдан туулган тукум. *Кара байыр тобурчак, Как соорусу бир кучак* («Манас» С.О.). 2. Күлүктүн бир түрү. *Кара байыр казанат, Калбыр өпкө, жез билек* («Манас»).

**КАРА БАСУУ** 1. *миф.* Азыткы күч, жиншайтан басып, эстен тандыруу, эс-акылынан ажыроо, адашуу. *Анын төрөтү кыйын, дайыма төрөгөн сайын кара басат* («Советтик Кыргызстан»). *Катынын кара баскандай, Айкырыкты салды Карагул* («Сейтек»). *Кыйкырыгы баш жарып, катынын кара баскансып, куугуну жаңы качкансып* (фольк.). *Канды кара басканда, Калыстыктан адашат* (Жантөшев). *Кара басып, мен эмне үчүн ушундай ишке бардым экен* («Ала-Тоо»). 2. Кырсык басуу. *Канды кара басканда калыстыктан адашат* (Жантөшев). *Кара басып калбаса, Кантип Бермет айтты экен* («Саринжи-Бөкөй»). *Кара басып, кайдан гана бардык экен* (Бердикеев).

**КАРА БАШЫ** Өз керт башы, жеке өзү. *Сүйүнчүгө эрмегим, Кара башым ал деди* («Эр Табылды»). *Жан соогалап комуз чертип берип зорго кара башы кутулду* (Бейшеналиев). **В.: Коколой башы.** *Тазабек коколой башы жүргөн молдокенин сазайын окутуп коюсу ыктымал* (Сыдыкбеков). **Кара жаны.** *Өздөрүнүн кара жанын ала качышты* (Саатов).

**КАРА БАШЫЛ** Киши экендигин (адамдык касиетин) өзгөчө белгилөөчү эпитет катарында колдонулат. *Мал турмак, кара башыл кишибизден айрылып кала жаздабадыкпы?* («Ала-Тоо»). *Мен азыр кара башыл киши издеп чыктым* (Сыдыкбеков). *Кара башыл адамдан байге сайышы да ыктымал* (Жантөшев). *Кара башыл кишини, Байгеге саяр оюу бар* («Манас»).

**КАРА БАШЫН САЮУ** *к.* **башын саюу.**

**КАРА БАШЫҢА КӨРҮНСҮН!** Кырсык, жамандык башкага эмес өзүңө тийсин, керт башыңа болсун деген мааниде колдонулат. *Калп айтышса, алардын кара баштарына көрүнсүн* («Ала-Тоо»). **В.: Кара башыңа көрүнгүр!** *Андай кара башыңа көрүнгүр, төрөлөр күнү асман жарылып кетчүдөй күркүрөйт имиш* (Осмоналиев).

**КАРА БАШЫҢДЫ ЖУТКУР!** Өлгүр, өлүп кеткир, өлүп калгыр деген маанидеги каргыш. *Кара башыңды жуткур! Бутумду сыйра басып койдуңбу?* (Убукеев).

**КАРА БЕТ** 1. Шерменде, маскара, жүзү кара (жазалоонун эски салтынан пайда болгон сөз. Кылмышкердин бетине көө сүйкөлүп, эл алдында маскараланган). *Кара бет болуп кантип барам?* (Абдукаимов). 2. Эри өлгөн аял, куда түшкөн күйөөсү өлгөн кыз (күтүүнүн белгиси катары бетти тытуудан беттин карттанып карарышы, таалайсыз болуунун белгиси). *Карабеттин таалайга, Жазып койгон эри экен* («Манас» С.К.). *Кара бет болдуң, эриңди жалмадың* (Жантөшев). *Кара жолтой, кара бет болдуң, эшиктен үйгө башың кире электе эриңди жалмадың* (Жантөшев). *Анда ата-энеси кара бет болуп, өзү тозокто жалбырттайт да* (Осмоналиев).

**КАРА БЕТТИК** Уятсыздык, жүзү каралык, ары жоктук, маскаралык. *Мен өзүмдүн кара беттигимди жашырып, өзүм менен кошо алып кетким келбейт* (Убукеев).

**КАРА БОЛОТ КАЙСАР** Өткүр, курч болоттон жасалган курал. *Кара болот кайсардай, Өткүрлүгү көрүнөт* («Сейтек»).

**КАРА БОЛУУ** Жөлөк, тирек болуу, арка болуу. *Элге кара болуп турсун үчүн эр Эшимди жигиттери менен Ала-Букага таштап, Исхак Чаткалга ашып кетти* (Касымбеков).

**КАРА БООР I** 1. Тез учуучу боору кара илбээсин куш. *Кара боор, кекилик, Кача албай жүрөт бекинип* (Тоголок Молдо). 2. Кара ниет. *Кара боор залимден, Кантип алам кегимди* (Токтогул).

**КАРА БООР II** 1. Бөлөк өсүп, өзүнүн тууган-туушкандарына кайдыгер болуп калган. *Жаман чапан кийгиздим, Катыгып адам болсун деп, Кара боор жүргүздүм* (фольк.). – *Аялыңда кеп жок, кеп кара боор жолдоштордо* (Алышбаев). *Бир көргөн киши жеткен түнт, кишиге ымаласы жок, кара боор дегидей* (Алышбаев). 2. Таш боор, ырайым-

сыз, боору таш, адамкерчилиги жок. *Адамдын тагдырын кандай кара боор акчага сатат* («Ленинчил жаш»). *Артынан бала ээрчибеген кара боор как баштан опо таппайсың* (Укаев). *Чыныкан өзүнүн кара боор, катуулугуна ушул баштан уу сөздөрүнө өкүнгөн жок* (Абдукаимов). 3. Кедей, колунда жок, жарды. *Кара боор адамдын кызы ыпча жакта жүргөнү жакшы* (Сыдыкбеков). *Ага кара боор журт илгеритен багынган* (Сыдыкбеков).

**КАРА БУДУҢДАР** Кара букаралар, карапайым эл. *Кара будуңдардын башы көбөйүп, дүнүйөң мол болуп, казынаңда сансыз байлык жыйылып калса да көөп кетпей, чөптөн жапыз, суудан тайыз болуп жүрүү керектигин эсиңден чыгарба* (Субанбеков).

**КАРА БУУРА** Чоң башатты, тогонду, арыкты байлоонун ыкмасы. *Жүргүн Керимбек, тигил чогойно-куурайлардан кара буура кылып келбесек, мунуң байлана турган жоо болбой калды* (Абакиров).

**КАРА ДАЛЫ** Турмушка чыгар маалынан өтүп калган, жашы өтүп кеткен кыз. *Алда качан кара далы болуп калса да, чыдап жүргөн кыйын кыз экен* (Байтемиров). *Мен эсептесем, кызың кара далы болуп кетти,– деди Адыке* (Сыдыкбеков). *Бир эсептен сиздики туура, минтип кара далы болуп калдым* (Тойбаев). *Кара далы бойдон калсам да, сүйүүсүз турмуш курбайм* (Борбиев). *Же кара далы болуп отура бересиңби?* (Борбиев).

**КАРА ДИН** Мусулман көз карашында ислам дининен башка диндин баары бузулган, булганган дин. 2. *өт.* Дини кара, ниети бузук, жамандык каалоочу. *Кара диндүү капырга* («Семетей» С.К.). *Кара динден ак болуп, Калмактан качып жат болуп* («Манас»).

**КАРА ЖААК** 1. Чечен, сөзмөр, жаагын жанып мыкты ырдаган төкмө акын. *Кара жаак, жез таңдай, Кайраным, Током, аманбы?* (Токтогул). *Кара жаак, жез таңдай, Ырчы чечен аралаш, Баары келсин тоюна* («Манас»). *Экинчиси – Чүйдөгү кара жаак Калмурза, ал шордуу кошоматчылыгынан тапты* (Бейшеналиев). *Кара жаак эр Үрбү* («Манас» С.О.). 2. Тилдүү, ооздуу, шакылдаган, сүйлөөк, тажаал. *Мен эле жандан чыккан кара жаак бекемин* («Чалкан»). *Тилоздуу какшанган бир кара жаакка жолуксам кантет элем* (Саатов). *Ушундай кара жаак катын болот экен ээ?* (Бердикеев). *Саат баскырдын үйүнө барбаганда бул кара жаак катынга кабылбай калат белем?* (Бердикеев).

**КАРА ЖАБУУ** Эри өлгөн аялды кара кийинтип, аза күттүрүү.

**КАРА ЖАМА** *а.ч.* Малдын бардык түрүн жана канаттууларды жабыркатып, создугуп өтүүчү ылаң.

**КАРА ЖАМГЫР** Чоң-чоң тамчы түрүндө шатырата катуу жааган жамгыр. *Жазгы кара жамгырдай, Жаңырып сөзүм төгүлгөн* (Токтогул). *Кара жамгыр дабырап, Куюп турду асмандан* (Тоголок Молдо).

**КАРА ЖАН** *к.* **кара баш.**

**КАРА ЖАНДАН ТҮҢҮЛҮҮ** Аябай коркуу, үрөйү учуу, жүрөгү түшүү. *Туткундар кезек эми бизге келди дешип кара жандан түңүлүштү* (Осмоналиев).

**КАРА ЖАНДЫ КАЛКАЛОО** Керт башын коргоо, өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенүү. *Үйүңдөн чыкса «капарың», Кара жанды калкалап, мындай качып кутул акырын* (Тоголок Молдо).

**КАРА ЖАНДЫ КАРЧ УРУУ** Бардык күчкубатын, мүмкүнчүлүгүн жумшоо, тынбай аракеттенүү, жаны тынбай, тынымсыз катуу иштөө. *Кара жанды карч урган Жаркынбай там-таштуу, мал-жандуу, очор-бачар* (Бейшеналиев). *Кара жанды карч урдук, Атбашы, Нарын бооруна* (Казыбек). *Мен биякта кара жанды карч уруп ага акча жөнөтүп турсам* (Бердикеев). *Жөндөн жөн эле далбастап, кара жанды карч уруп кыйнала бергиле* (Медетов). *Ошого бир шыпаа болор бекен деп кара жанды карч уруп жүрүп, мобу оокатты таптым эле* (Саатов). **В.: Жанды карч уруу.** *Жанды карч уруп иштедик* («Ала-Тоо»). *Жанды карч уруп окуп, акылды байытуу керек* (Бейшеналиев). **Кара жанын карч уруу.** *Сүрөтчүлөргө дайыма иш табылат, ар бир мекемеде, ишканада жумуш чыгат, Асек кара жанын карч урду* (Борбиев). *Куу турмуштун айынан жердин жети түбүнөн ооп келип, кара жанын карч уруп иштеген колу жөндүү адамдар* (Бейшеналиев).

**КАРА ЖАНЫН ООЗУНА ТИШТӨӨ** *к.* **жанын оозуна тиштөө.**

**КАРА ЖАНЫН САБАЛОО** *к.* **жанын сабоо.**

**КАРА ЖАНЫН ҮРӨӨ** *к.* **жанын үрөө.**

**КАРА ЖАНЫНАН КЕЧҮҮ** *к.* **жандан кечүү.**

**КАРА ЖЕЛИН** Сүтү аз, желининде сүтү болбогон, сүтү аз чыккан деген мааниде колдонулат. *Эчкиче опо бербеген, Кара желин үйлардан, Каймак сүтүн алышат* (Токомбаев). *Кара желин картаң кой, Каруусуз козу бага албайт* (Осмонкул).

**КАРА ЖЕМСӨӨ** Жегич-ичкич, алдымжуттум, паракор. *Кара жемсөө ит эле, Калкка колун салат деп* («Эр Табылды»). *Кара жемсөө калкка зыян келтирет* (Сыдыкбеков). *Баягы кара жемсөөлөр дагы мыкаачылыгын карматкан экен ээ!* («Ала-Тоо»). *Токтогул өз очогуна култартма, кара жемсөө, зордукчул, ырайымсыз болушбийлерди ачык сынакка сала баштады* (Касымбеков). *– Залим, кара жемсөө деп, жаңы эле бий атпайга, болуш атпайга кинээ айтып, күнөө коюп жүрөсүң* (Касымбеков).

**КАРА ЖЕР ТАРДЫК КЫЛУУ** 1. Абдан сүйүнүү, катуу толкундануу, кубанычы койнуна батпоо. *Төбөм көккө жетип, кара жер тардык кылып, кайда батарымды билбей турганымды көр!* (Эшмамбетов). 2. Айласы кетүү, эмне кыларын билбөө (көбүнчө уят болгон учурга карата колдонулат).

**КАРА ЖЕРГЕ КИР** Жемелөө, тилдөө иретинде колдонулат. – *О, катының менен кара жерге кир, – деп жекирген Карасакал, анын сөзүн бөлүп кетти* (Абдыраманов). *Алдырар күнү жаздырар... мен кара жерге кирейин* (Тойбаев).

**КАРА ЖЕРДИ ЖАРУУ** Катуу кыйкыруу, өкүрүп-бакыруу. *Калың эл өлүктү коюп кайтканда, жалпы өкүрүк кара жерди жарып кете жаздап, анан айылды бүт тымтырс каптады* (Эшмамбетов).

**КАРА ЖИН** Абдан катуу ачуу, каар. *Шатмандын топон суудай бир келген кара жининен чочуладыбы, тек каяша кылбай ал отуруп берди* (Акматов).

**КАРА ЖИНИ КАРМОО** 1. Буркан-шаркан түшүп катуу ачууллануу, каарын төгүү. *Айласы кеткен жаш акын эми кара жини кармаган адамга долуланып өзү мыкты деп түшүнгөн ырларын үстөккө-босток окуп кирди* («Кыргызстан маданияты»). *Ошондон улам ыза болгон байкуш апамдын кара жини кармай кетти окшойт* (Акматов). 2. Көңүлү карaруу, ниети бузулуу. *Кара жини кармаса жооп да бербейт.*

**КАРА ЖОЛТОЙ** Жамандыкты, кырсыкты кошо ала келе турган, жолу катуу. *Кара жолтой балаңды, Канча жыл башта туубадың* (Казыбек). *Каалабасаң кара жолтой немени талкалап сал* (Медетов). *Кара жолтой болдуң, эриңди жалмадың* (Жантөшев). *Маа калганда Чүрөктүн Орою суук кеби бар, Кара жолтой шуркуя сала турган чени бар* («Сейтек»).

**КАРА ЖОЛТОЙЛУК** Жолу катуулук, жамандыкты, кырсыкты, бактысыздыкты алып келе тургандык. *Кара жолтойлуктан качан болсо жамандыкты ээрчите келесиң* (Баялинов). *Кожоюндарым бул кырсыкты менин кара жолтойлугуман болгондой көрүшөт* (Элебаев).

**КАРА ЖУМУШ** Техниканын жардамысыз, кара күч, кол эмгеги менен иштелүүчү жумуш. *Андагы кызматым жөнөкөй гана кара жумуш болду* (Жантөшев).

**КАРА ЖҮЗДҮҮЛҮК** Уяты жоктук, шермендечилик. *Мына ушул калп, алдамчылык, кара жүздүүлүктү Жолболдуев жашырып-жаппай, уялып да койбой Качыкеге ачык айтты* (Абдукаимов).

**КАРА ЖҮРӨК** Ниети бузук, кара санатай, оң санабаган, кара ниет. *Кара жүрөк Канчоро, Кан болуп бийлик жүргүздү* («Семетей»). *Кара жүрөк-залимдер кайыштай кести демимди* (Токтогул). *Ошондо жылкы адамдын канаты болуп турганда чыгыштан селт этпес, кара жүрөк кан ичээр кол башчылар чыгат* (Осмоналиев). **В.: Кара көңүл.** *Кара көңүл адамдан, Бөлө жүр дайым чегиңди* (Жантөшев). *Кара көңүл Канчоро, Байгамбардай Бакайга каарын төгүп кордуктап* («Сейтек»). **Кара ниет.** *Адам бактысын байлаган кара ниет тажаалдар чыккан* (Жантөшев). *Алар кара ниет эмеспи?* (Медетов).

**КАРА ЖЫГАЧ** Кабыгы кара, бутактары капталына чачырап чыккан катуу дарактын түрү. *Короонун түндүк тарабына кара жыгач тигилген* (Жантөшев).

**КАРА ЖЫЛ** Кар жаабаган жыл, карсыз жыл. *Быйыл кара жыл болду.*

**КАРА КАБЫРГА** Сүбөө менен жетим кабырганын аралыгындагы узун кабырга.

**КАРА КАГАЗ** *сүйл.* Согушта курман болгондорду кабарлоо, угузуу үчүн жиберилген билдирүү кагазы. *Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен* (Айтматов). *Балдарынан кара кагаз алгандан кийин таенем алма багына карабай айыл арасына көчүп барды* («Советтик Кыргызстан»). *Кырк үчүнчү жылы күйөөсүнөн кара кагаз алган* (Мырзаев).

**КАРА КАЗАН** Балдар оюнунун наамы.

**КАРА КЕСЕК** Майлуу эмес, майы жок (этке карата).

**КАРА КИЙИНҮҮ** *к.* **кара кийүү.**

**КАРА КИЙҮҮ** 1. Аза күтүү. 2. Күйөөсү өлгөн аялдын кара жоолук салынып, кара кийим кийип аза күтүү. *Мен жыйырма тогузумда кара кийингемин* (Медетов). *Жалгыз бой калган Зейнеп кара кийип бир аз отурган соң, жан багыштын аракетинде баласын колдон жетелеп алып тамчыларга кошулган болчу* (Айтматов). 3. *өт.* Мүшкүл, оор кайгы, оор. *Кара кийген тулдарын* («Манас» С.О.).

**КАРА КОЮН** Дүмпүлдөк, кыргыздын улуттук оюндарынын бир түрү (эки жаат болуп бөлүнүп, бир тараптын кароолчудан башкалары ортодо бир нерсе жамынып жатышат, экинчи тарап аларды эшилген жоолук менен уруп качат, кароолчу болгон киши аларды кууп кармайт, кармаган болсо, экинчи тараптагылар ортого келип жатып, биринчи тарап аларды жоолук менен чаап качат). *Кыргыздын улуттук оюндарынын бири – кара коюн, аны биз бала кездерде ойночубуз* (Сыдыкбеков).

**КАРА КӨЗҮ** Дал өзү, нагыз өзү. *Бузукунун кара көзү экен, Бузуп айткан жалган сөзү экен* (фольк.).

**КАРА КӨЗҮ КАШАЮУ** Оор кырсыкка, чоң жоготууга дуушар болуу. *Балам өлүп, кара көзүм кашайгандан бери, ошонун досторун эш тутуп жүрөм* (Бердикеев). *Бизди кудай урду, кара көзүбүз кашайды* (Казакбаев). *Соо калтырбайт ко, кудурет, кара*

*көзүмдү кашайтып* (Бердикеев). **В.: Көзү кашаюу.** *Көзүм ушинтип кашайбадыбы! – деди Ажар Айнанын жүзүн аймалай бакырып* (Жоошбаев).

**КАРА КӨЗҮН КАШАЙТУУ** Чоң кырсыкка учуратуу, шорун катыруу, түбүнө жетүү. *Ач бел, куу жондо жат көзүнө бир тууган болбосок, катын жандуу сарттар кара көзүбүздү кашайтат* (Сыдыкбеков). *«Кокуй, кара көзүмдү кашайтып кеткенби-и, кокуй?!» деген жаман ою менен ичкери жулунуп кирди* (Касымбеков). **В.: Көзүн кашайтуу.** *Маа караба, балам, кутулуп кеткиле, колго түшсөңөр көзүңөрдү кашайтат* (Сыдыкбеков).

**КАРА КӨК** 1. Айтканынан кайтпаган көк адам (психологиялык өтө чымыркануудан бетти кан тээп чыгып кара көк тартышынан улам айтылган). 2. *өт.* Беттегенин жеңмейинче тынбаган өтө кайраттуу, баатыр. *Шер атанган кара көк* («Манас» С.К.). *Алп каракуштай кымпыйган, аскар тоодой заңкайган Күйүк Теңгир Кут өлдү, эми жаман уйсундардын таянган тоосу, ишенген кара көктөрү жок деп ойлошконун* (Субанбеков).

**КАРА КӨҢ** Ар кандай чириндилер, кык ж.б. калдыктар аркылуу болгон кара кыртыш.

**КАРА КӨҢҮЛ БОЛУУ** Жүрөгү айланып, өзүн начар сезүү, көңүлү айнып кускусу келүү. *Энем эки күндөн бери кара көңүл болуп, эч нерсеге кызыкпайт, көлөкөдөн чыкпайт* («Ала-Тоо»).

**КАРА КӨҢҮЛҮ КАРМОО** Көңүлү карарую, ниети бузулуу. *Кара көңүлү кармаса, бербей коёт* («Ала-Тоо»). *Кара көңүлү кармаса, атасын сен дейт* («Кыргызстан маданияты»).

**КАРА КӨСӨӨ** Эгиндин данын кара көөгө айландырып жиберүүчү илдет.

**КАРА КӨТӨН КАРМОО** Белгилүү бир ишти, оюнду ж.б. баштоо жагы кимге ыйгарылат дегенди аныкташ үчүн таякты же жипти бир учунан экинчи учуна чейин биринен сала бири кармап чыгуу. *Кара көтөн кармашканда мага кара фигуралар, начальникке ак фигуралар тийди* («Чалкан»).

**КАРА КУЛАК АТ** Күч-кубатка толгон, жетилген ат. *Кара кулак аттар кимде жок, Жүгүрбөсө тайча жок* (Калыгул).

**КАРА КУЛАК БОЛУУ** Жаш кулундун тыңып, семирип калган кези. *Кулундар алда качан кара кулак болгон* (Жантөшев).

**КАРА КУЛАК ШЕР** 1. Арстан. *Карагай, арча ичинде, Кара кулак шери бар* (Токтогул). 2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк. *Сынай бил адам уулун, туура баалап, Бул өңдүү чындык сүйгөн эр жигиттен, Заманга кара кулак шер туулат!* (Осмонов).

**КАРА КУРСАК** Жалаң карандай курсагы үчүн иштеп, эптеп жанын баккан адам. *Үйдөгүлөрдүн көбү өзү болжогондой ушу тегеректеги кара курсактар экен* (Сыдыкбеков).

**КАРА КУРТ** Жөргөмүш түркүмүнө кирген, уусу өтө күчтүү, түсү кара, жонунда бир нече кызыл темгилдери бар, шыбактуу жерде жашоочу курт. *Эгин чаап жүргөндө Тойлукени кара курт чагып, эс-учун билбей жыгылган* (Айтматов). *Кара курту бармактай, Кымыздыгы билектей* («Манас»).

**КАРА КУУРАЙ** Кабыгынан була алыш үчүн пайдалануучу техникалык өсүмдүк.

**КАРА КУЧКАЧ** Кара чыйырчык. *Кара кучкачтарга уя жасады* («Жаш ленинчи»).

**КАРА КУШ** 1. Талаа бүркүтү. *Кара куш кардына карайт, шумкар чабытына карайт* (макал). 2. Баштын желке жак бөлүгү. *Кар куш – талуу жер.*

**КАРА КҮЧ** Акыл эмгеги менен эмес, кол күчү менен иштөө жөндөмдүүлүгү. *Колу-бутундагы чорлору, кийген кийими анын Маманазардын кара күчүнөн башка эч нерсеси жок экендигин көрсөтүп турат* (Жантөшев).

**КАРА КҮЧКӨ** Калп эле, курулай. *Кайын атам кара күчкө жайымды сураган болду да чыгып кетти* («Ала-Тоо»). *Муну уккан ата-эне уулун кара күчкө кыстап, адабият китептерин күнүгө эки маал окутат* («Чалкан»). *Ал бир жаман ой ойлоп, кара күчкө күлдү* (Абдукаимов).

**КАРА КЫЛДЫ КАК ЖАРГАН** Абдан калыс, бардыгына бирдей калыстык кылган, эч кимге жан тартпаган адилет. *Кара кылды как жарган, Калыс болчу неме го* («Семетей»). *Сатаров кара кылды как жарган калыс адам* (Байтемиров). *Бердиштей кара кылды как жарган калысты кайдан табасыңар?* (Ш.Үмөталиев). *Кара кылды как жарып акыйкатты туу кармаган бийлер, Аргын менен Тезекбайдын мээнети сиздердин колуңуздарга түштү* (Өгөбаев).

**КАРА КЫЛУУ** *к.* **кара тутуу.**

**КАРА ЛӨК** Атан төөлөрдүн эң мыктысы.

**КАРА МАЛ** Уй, төө, жылкы сыяктуу ири мал. *Кара мал, алтын, күмүшкө, Калктын башы адашты* («Манас»).

**КАРА МҮРТӨЗ** Кыялы терс, таш боор, кыянатчыл, адамга жакшылык кылбаган. *Киши кара мүртөз, киши ак көңүл – даанала лана берет* (Осмоналиев). *Өзүң деле байкагандырсың, жеткен кырс, кара мүртөз неме* (Бердикеев). *Мен кара мүртөз, таш боормун* (Абдукаимов).

**КАРА МЫЛТЫК** Колго жасалган, милте менен от алган жөнөкөй мылтык. *Кара мылтык карс этсе* («Семетей» С.К.).

**КАРА НИЕТ** *к.* **кара жүрөк.**

**КАРА НИЕТТИК** Кара санатайлык, ою бузуктук, ниети жамандык. *Алар кара ниеттик кылышып, азык-түлүктөрүн катып коюшкан* (Бектенов). *Кара ниеттик менен ак ниеттик атам замандан бери кармашып келе жатыптыр* (Бердикеев). *Ал эми арамзалык, кытмырлык, кара ниеттик*

*сыяктуу уюткусу күчтүү болсо, андайлар деги эле өзгөчө өгөй учурап кыйын-кыстоо учурунда жамандыкка өлчөбөй койбойт экен!* (Медетов).

**КАРА ООЗ I** 1. Абдан каардуу, кишиге тайманбай кол салма, коркунучтуу (жырткычтарга карата). *Кара ооз аюуга катылса, чайнап салат* («Ала-Тоо»). 2. Тили суук, албуут, ажаан. *Кандай кара ооз неме эле, жаагын басып койсоңорчу. Ак кемпир жалакор, кара ооз катындын сөзүн кулагына илген жок* (Укаев).

**КАРА ООЗ II** Мылтыктын бир түрү. *А тургай, бирөөнүн кара оозу бар көрүндү – сол колунда бирдеме короёт* (Даникеев).

**КАРА ООЗУҢА КАН ТОЛГУР!** Жаман, жагымсыз сөз айткан, жашыруун сырды сыртка чыгарып жиберген кишиге карата жек көрүү маанисинде колдонулат. – *Бул кандай кара оозуңа кан толгур эле?! Кайдагы торпок?!* (Өгөбаев). *Ушундан кийин катуу айтсам, кара оозума кан толсун, – деди* (Бердикеев). *Кара оозуңа кан толгур, Кайрылгысыз күн болгур* («Манас»).

**КАРА ӨЗГӨЙ** Кыянатчыл, кара санатай, чыр, уят-сыйыты жок. *Маркум атасы жакшы киши эле, уулу кайрымы жок кара өзгөй чыкты* (Жусупов). *Салыймага Бозгунчудай кара өзгөй күйөө керек беле?* (Егиналиев). – *Кийин кол бошогондо куран окутарбыз, – деп кара өзгөй жардыгын ашырды* (Бейшеналиев).

**КАРА ӨЗГӨЙЛҮК** Кара санатайлык, катаалдык, кыянатчылык, уятсыздык. *Ушул жерде да кара өзгөйлүк кылдым, наадандык кылдым* (Мырзаев). *Тазабек кара өзгөйлүгүн карматса, өз элинен алыста, бөтөн жерде коколой башы жүргөн молдокеңдин сазайын окутуп коюшу ыктымал* (Сыдыкбеков). *Кара өзгөйлүк менен алган акчасын кайтарып төлөй турган болгондо Молдакунов прокурор Жумабаевге мөгдүрөп барган* («Чалкан»).

**КАРА ӨЗӨК МААЛ** Оокат-аш тартыш болуп турган үзүмчүлүк мезгил. *Кайын атам кара өзөк маалда урушка кеткен экен, ошол бойдон кайтып келе элек* («Советтик Кыргызстан»).

**КАРА ӨПКӨ** 1. Абдан жугуштуу эчки оорусу. *Кара өпкө болгон эчки көздөнүп* (Жантөшев). 2. Эчкилерге карата тилдөө, каргыш иретинде айтылуучу сөз. 3. Күйүгүү. – *Базарга жете электе эле кара өпкө болуп күйүгүп калды, – деди Элебес* (Мидин).

**КАРА СААТ** 1. Кара санатай, кара ниет. *Каргышыката кетпеген, Кара саат жан экен* («Эр Төштүк»). *Каап, кайдан кара саат сенин «мөлтүрөгүнө асыл» деген тилиңе кирдим эле* (Бейшеналиев). 2. Кырсык, кесепет, жолтоо. *Карыспандын кара суусу бар, Кара саат ушу бар* (фолък). *Кара саат жолу бар* (фольк.). *Кара сааттай болуп кайдан келе калды. – Молдо дос, дагы кара саат чырмады* (Бейшеналиев).

**КАРА САН** Уйдун оорусу, ылаңы.

**КАРА САНОО** Бирөөгө жамандык издөө, кара ниеттик, кыянаттык кылуу. *Анын эмне мага кара санай турган жөнү бар?* (Байтемиров). *Бардыгыңар кулагдар болуп койгула, бизге кара санап, көпүрөөнү бузган ким?* (Жантөшев). *Кара санаганды өлгөндөй жек көрөм* (Бектенов).

**КАРА СОЙЛОК** Сулуга окшогон отоо чөп. *Каргаган жылы кара сойлок аралашкан тикен чыгып калар эле* (Убукеев).

**КАРА СӨЗ** Чыгарманын ыр түрүндөгү эмес, жөнүнчө, кадыресе сүйлөө түрүндөгү формасы же анын тили. *Кара сөзгө караганда ырдын айырмасы эмнеде?* («Кыргызстан маданияты»).

**КАРА СУУ** Саздак жерлерден сызылып чыгып чогулган суу. *Мойнуна кара таш байлап, Кара сууга салган ким?* (Токомбаев). *Асты жагы Ит кечпес, Имерилген кара суу* («Манас»).

**КАРА СУУГА КАН КУЮУ** Бүлүндүрүп жиберүү, бүлгүнгө учуратуу. *Кара сууга кан куйган, Бир канкорду туулган бейм* («Манас»).

**КАРА СУУГА ТҮШҮҮ** Көл-шал түшүп тердөө, абдан кыйналуу. *Эртерээк бүтүрөлү деп кара сууга түшүп жатабыз.*

**КАРА СУУДАН КАЙМАК АЛУУ** Өтө эпчилдик, айлакерлик иш кылуу, ар нерсенин ыгын, амалын таба билүү. *Бирок элдин мүлкүнө суук колун салып, кара суудан каймак алгандардын машинасы биринчи эле бурулушта бузулду* («Советтик Кыргызстан»).

**КАРА СУУК** *к.* **карандай суук.**

**КАРА ТААНДАЙ** Абдан көп, сан жеткис, жайнаган. *Күндө кара таандай ылайчы, бакчачыларга союш, суусун жеткирүүнү токтотушту* (Бейшеналиев). *Эмне эле кара таандай чогулуп, ажылдап калгансыңар?* (Мырзаев). *Кара таандай жайнаган колду баштап, алоолоп батышка түрүлөт* (Осмоналиев).

**КАРА ТАКТА** Коомдук иште артта калгандар, жаман иштегендер, жалкоолор жазылуучу такта, атайын бет.

**КАРА ТАЛАШУУ** Бирөөнүн жардамын күтүп, жанын калкалоого, кыйынчылыктан кутулууга аракеттенүү, жан аргасын издеп далбасалоо. *Эл кара талашып, алактап кетип баратып, Муз-Арттын күркүрөгөн суусуна көч-мөчү менен чуркурап киришти* (Элебаев). *Ал кара талашып жуушап жаткан койду аралай чуркады* (Токомбаев).

**КАРА ТАМАН** Кедей-кембагал, жарды адамдарга карата айтылуучу эпитет. *Кара таман эмгекчилерди кылымдар бою эзип келген бай-манаптарды аягына чейин жеңдик* (Элебаев). *Алдыраак жакта отурган*

*Калыбай Мырзаматов деген кара таман томаяк ордунан турду* (Абдукаримов). *Мандикерликке баруу кара тамандардын иши* («Ала-Тоо»). *Кара таман кедейлер, жалпы тушкун оң жолго* (Тоголок Молдо). *Кара тамандар Тоозактын сөзүнөн чыгышпайт* (Абдукаримов).

**КАРА ТАШТЫ** Бир нерсенин орундалбай, ордунан чыкпай тургандыгын күчөтүү, таасындоо маанисинде колдонулат. *Карганы куйкө кара ташты алсынбы? Кара ташына арман кыласыңбы? Заман азыр кедейдики* (Каимов). *Кенде кара ташты бычак болсунбу?*

**КАРА ТАШТЫ КАК ЖАРУУ** *к.* **кара кылды как жаруу.**

**КАРА ТЕКЕ СҮЗҮҮ** Ойдо жок жерден кокустук болуп, кырсыктап, бузулуп, ордунда болбой калуу. *Кара теке сүзгөндө, каргашалуу куржунду кайдан ала койдум эле* (Саатов). *Жетимиштеги пенсионерди кайсы кара теке сүзүп жүрөт?* («Советтик Кыргызстан»). *Бул жерге кайсы кара теке сүзүп келдим экен* («Чалкан»).

**КАРА ТЕР БАСУУ** Катуу кыйналып, көлшал түшүп тердеген абалда болуу. *Сөөктөрү кара тер басып, бирок уйкуга карамыгып, көзү бир аз илине калды* (Бердикеев). *Кайра аркасына чыгып бастыра албай кара тер басты* (Абакиров). **В.: Кара терге түшүү.** *Мени кыздын ыры шердентип ийди, кара терге түшүп кар күрөдүм* (Жусупов). *Ит үрсө терезеден көчө карап Калича кара терге түшүп турган* (Абакиров).

**КАРА ТИЛИН КАЙРАГАН** Чечен сүйлөгөн, жаагын жаныган, какшаган. *Кара тилин кайраган, Калың топко сайраган* («Манас»). *Кара тилин кайраган, Кан алдында сайраган* («Манас»).

**КАРА ТУМАНДАЙ КАПТОО** Өтө көп болуп каптап кетүү. *Арпадан кол жуудук, чегиртке кара таандай каптап кирди* (Бердикеев).

**КАРА ТУМШУК** Бактысыз, байкуш, ырысы жок, шордуу. *Уйкучулугуна жараша бул кара тумшуктун соргоктугун кантейин* (Убукеев). *Ошо кара тумшук, куу аяк, Качырып жоого кире элек* («Сейтек»). *Кара тумшук жайнагыр, «Калк мeники» деп чыгат* («Семетей»). **В.: Куу тумшук.** *Баягы куу тумшук бала энесине кетип калган тура! – деп Сыпай жеңе арыздана кетти* (Убукеев). **Кем тумшук.** *Бул кем тумшуктун кылганын кара* («Ала-Тоо»). **Тумшугу жок.** *О, тумшугу жоктор, тургула! – деген Бурманын катуу дабышы менен селт ойгонуп кеттим* (Элебаев). **Тумшугу тайкы.** *Туулгандан жалгыз кыз, тумшугу тайкы мен элем* («Курманбек»).

**КАРА ТУТУУ** Бирөөгө ишенүү, ага таянып бел байлоо. *Аны эмнегедир жанатан бери Шааркан ичинен кара тутуп калган* (Мавлянов). *Токтогул кекенген манаптардан жалтанбай, аны кара туткан калың элди чыйралтып октолгон ырды жаадырды* (Бейшеналиев). *Жалгыз сени ээрчип, жалгыз сени кара тутуп, жалгыз сени эл да, туулган жер да тутунуп, ыргыткан ит шыбагы менен күн өткөрүп жүргөн* (Касымбеков). **В.: Кара кылуу.** *Кара кылып кармаган, Кадимки эр Чубактан айрылдым* («Манас»). *Эгиз козудай ээрчишкен балдары аны кара кылышат* («Советтик Кыргызстан»). **Караан кылуу.** *Сенден башка караан кыларым жок* («Ала-Тоо»). *Караан кылды деп уктум, Аты ургаачы Куялы...* («Сейтек») **Караан тутуу.** *Силерди киши деп, караан тутуп, ишенип жүргөн мен акмак* (Медетов). *Күйөөсү үйүнө келе калса, эмнегедир аны караан тутуп, ага жан тартчу болду* (Медетов).

**КАРА ТҮН** *к.* **каран түн.**

**КАРА ЧАБУУЛ** 1 Өтө тез жүрүш, чапкылаган ылдам жүрүш. *Муранкудай кара чабуулга салбай, аттарды теминише зыпылдатып бастырып баратышат* (Жантөшев). *Ырысы жоктун аты кара чабуулда жүгүрөт* (макал). 2. Байгесиз ат чабыш. *Ырысы жоктун аты кара чабуулда жүгүрөт* (макал).

**КАРА ЧАБУУЛГА ТҮШҮҮ** Дүрбөлөңгө түшүү, бүлүнүү, бүлүк түшүү. *Адамдар кара чабуулга түшүп издебесе, менин дагы кону мкелер эле, – деди Абдылас* (Эсенканов). *Убаданы бек аткарган ал үйчү Нускени кара чабуулга түшүп издегендерге төртүнчү күнү айтат* (Осмоналиев).

**КАРА ЧАМГАРАК** *этн.* Салт боюнча атасынан мурас катары эң кичүү уулуна калуучу үй (боз үй).

**КАРА ЧЕГИРТКЕДЕЙ КАПТОО** Ченемсиз көп болуп жабыла кирүү, быкбырдай кайнап басып калуу, өтө көп болуп жайнап кетүү. *Сибирь жактан актардын колу кара чегирткедей каптап кирди* (Эшмамбетов).

**КАРА ЧЕЧЕКЕЙ** Абдан, өтө жакын, өз көзүндөй болгон, анык, чыныгы (туугандык, жакындык жөнүндө). *Мен, Аманбектин кара чечекей агасы Кожекемин* («Чалкан»). *Мен сени кара чечекей бир тууганымдан артык көргөмүн* (Бердикеев). *Байымбет кара чечекей боордошундай кам жеп, үйрүлгөн досуна ыраазылыгын айкындады* (Бейшеналиев). *Жаныңа ала турган кишилериң өзүңдүн кара чечекей жакының болсун* (Жантөшев). **В.: Кара чечекейдей.** *Кара чечекейдей болгон, өзүнүн көздөй кишисин алып келди* («Бишкек шамы»).

**КАРА ЧЫЧКАН АРАЛАТУУ** Мамилени бузуу, ортосуна от жагуу, араздаштыруу. *Таттыгүл кантсе да Мубарек экөөбүздүн ортобузга кара чычкан аралатып, студенттик кезден берки сыйлуу-сыпайы аралыгыбыздын бекем дубалынын кайырын чайыр кылып, заматта бузду да кетти*

*окшойт* (Казакбаев).

**КАРА ЧЫЧКАНДУУ** Көк чычканы бар.

**КАРА ШАМАЛ** Жаан-чачынсыз ызгаардуу катуу шамал. *Ноябрдын башталышында эле кара шамал күчөп, андан кийин калың кар түштү* (Мырзаев).

**КАРА ШАРШЕМБИ** Оор күн, элдик ишеним боюнча бул күнү иш кылууга, жол жүрүүгө болбойт. *Кара шаршемби күнү да мен аны бүтүрүп коём.*

**КАРА ЭГИН** Жүгөрү, ак жүгөрү, таруу, конок. *Ак эгин алынган, кара эгин орулуп кургасынга ташталган, аңыз жылтырап сары каймакталып жаткан* (Касымбеков).

**КАРА ЭЛЕЧЕК КЫЛУУ** Эр бүлөсүнүн баарын өлтүрүп, аялдарын жесир калтыруу. *Карсылдашып урушуп, Кара элечек кылайын* («Манас» С.О.). *Каптап журтун кырамын, Кара элечек кыламын* («Манас»). *Кыргыз бүткөн баарысы, Кара элечек болду де* («Манас»).

**КАРА ЭТИ ТОЛУК** Семиз эмес, бирок эттүү, чымыр (тирүү малга карата), майлуу эмес, бирок эттүү (союлган малга карата). *Байлаган мал болбогондон кийин, койлорунун ичинен кара эти толугунан бирди союп, конокторун сыйлады* («Ала-Тоо»).

**КАРА ЭТТҮҮ** Тез арыктай турган, этин бир калыпта сактай албаган, борпоң, бош (көбүнчө жылкыга карата). *Кара эттүү мал экен, бат эле арыктап кетти.*

**КАРААЛ** 1. **кароол** менен бирдей. *Караалга алуу. Боз дөңгүлдүн ары жакта, Караал дөбө көрүнөт* («Эр Төштүк»). 2. **карал** менен бирдей. *Ошону караал тутат* (Байтемиров).

**КАРААН** 1. Нерсенин алыстан көрүнгөн элеси, сөлөкөтү. *Караанын көрүп айылдын, Суусунан өттүм Нарындын* (Казыбек). *Кечирээк токой четинен караан көрдүм* («Ала-Тоо»). *Жалгыз караан өзүнчө кыңылдап ырдап, орто көчөдө келе жатты* (Убукеев). *Айланада эч кандай караан же табыш билин- бейт* (Жантөшев). *Каухарым-ай, кайдан кезиктиң, Карааның кайберендей кайып болуп* (Гапаров). *Айтматовдун алп карааны көрүнөт, Сөздөрүнөн Шоола шаңы төгүлөт* (Акматалиев). 2. Бир нерсенин сыртынан, алыстан байкалган жалпы көлөмү, көрүнүш абалы, канча экендиги. *Суук көзгө карааны, Беш-алты жүз чамалуу* (Тоголок Молдо). *Удургуган көп караан, Оттоп жүргөн мал бекен?* («Курманбек»). *Дүмүрөйгөн көп караан, Токойбу десем, эл экен* («Манас»). 3. *өт.* Бел кылар таяныч, жөлөк, медер, тирек. *Кырк миң колго барабар, Кырк жигит менин карааным* («Курманбек»). *Мага караан эле болуп бер* (Бейшеналиев). *Айчүрөктүн баласы, Эгерде эркек уул болсо, Караан кылып алалык* («Сейтек»).

**КАРААН-БУТА БОЛУУ** Ээлик кылуу, көз салуу, кайтаруу, көзөмөлдөө. *Андан көрө эми сен «Мазар-Ташка» караан-бута бол, ээлик бол* (Кыдырмышев).

**КАРААН КЫЛУУ** *к.* **кара тутуу.**

**КАРААН ТУТУУ** *к.* **кара тутуу.**

**КАРААНДА** 1. Карааны көрүнөрлүк, көзгө илешерлик абалда болуу, ошончолук деңгээлде жакындап баруу. *Калмактардын артынан Кетип барат караандап* («Эр Табылды»). *Сен учканда карап туш-туш, Санаа жетпей, Шамал жетпей, караандабай шумкар куш* (Осмонов). 2. Айрым белгилери боюнча окшош, түспөлдөш келүү, жакындашуу, туура келүү. *Биздин мектептин имараты силердин мектепке караандабайт экен да* («Жаш ленинчи»). 3. Караан тутуу, баш калкалоо. *Суукка үшүп уча албай, Караандап торгой келди эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *Келатыпсың, кулунум? Эр Манасты караандап* («Эр Табылды»).

**КАРААНДАЙ** *туурасы:* **карандай.**

**КАРААНДАТ** **караанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРААНДАШ** 1. Бирине бири көрүнгөндөй, караандары жакын аралыкта. *Алар бири-бирине караандаш бастырып келатышты* («Ала-Тоо»). 2. Өз ара жакындыгы, окшоштугу бар, бири-бирине барабарлаш, тең чамалуу. *Кайсы жагынан алса да силер менен биз караандаш эле болуп жүрбөйбүзбү?* («Ала-Тоо»). 3. **караанда** этишинин кош мамилеси. *Бул айткандарың чындыкка караандашпайт.*

**КАРААНДОО** **караанда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРААНДУУ** Көзгө көрүнөрлүк, байкарлык, бардуу. *Көзгө караандуу көрүнгөн кайсы урук-тууганың бар эле?* («Ала-Тоо»).

**КАРААНСЫЗ** 1. Дайыны жок, дайынсыз, дарексиз, белгисиз. 2. Карааны көзгө илешпес узакта, ыраакта, алыс. *Ат караансыз келе жатат.* 3. Караша турган, бел кылар, таянар адамы жок. *Жетим калып караансыз өскөн бала.*

**КАРААНЫ ТИЙҮҮ** Жардамы болуу, аркасы тийүү, көмөк көрсөтүү. *Катын да болсо бейбактын бир карааны тиер бекен деп, Жүрөм Айчүрөккө дем байлап* («Сейтек»).

**КАРААНЫН ҮЗҮҮ** Алыстоо, жок болуп кетүү, көрүнбөй калуу. *Караанын үзүп кеткиче, Карап турат Табылды* («Эр Табылды»). *Келгенде Алмаң жакындап, Караанын үзүп аларга, Жөнөй берди закымдап* («Манас»).

**КАРАБА** Магнит деген мааниде. *Турсулдөйт эки жүрөк ой чиркин ай, Караба бирин-бири тартышкандай* («Эл адабияты»).

**КАРАБАЙЫР** Асыл тукум жылкы менен карапайым жылкынын ортосунан чыккан чалыш, чыдамкай жылкы.

**КАРАБИН** Стволу кыска келген мылтык.

**КАРАВАН** **кербен** менен бирдей. *Жарак-*

*жабдык жүктөлгөн караванды эртең таң сүрө тосуп алгыла* (Жантөшев). *Ал күнкү каравандын изи да жок* (Маликов).

**КАРАГАЙ** Тоолуу беттерде өсүп, дайыма көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу жыгач, токой өсүмдүгү. *Карагай кыюу. Карагай даярдоо. Айланасы карагай, адам айран калгандай* (Тоголок Молдо).

**КАРАГАЙ БАШЫ** Токойчу, токой кайтара турган сакчы.

**КАРАГАЙЛУУ** Карагайы көп, карагайы калың. *Карагайлуу тоо. Карагайлуу бет. Жаңы дүйнөнүн эшиги ачыла бергендей карагайлуу беттер көрүндү* (Сыдыкбеков).

**КАРАГАЙЧЫ** Карагай кескен, карагай даярдаган, топтогон киши.

**КАРАГАН** Топ-топ болуп өскөн тикендүү бадал өсүмдүгү. *Караганы калың өскөн беттер.*

**КАРАГАНДА** Эки нерсени бири-бирине салыштырууда, ички бөтөнчөлүктөрүн айырып айтууда же биринен кийин экинчи бир натыйжа тууларын көрсөтүүдө колдонулат. *Жылдызканга караганда Уркуя тың* (Байтемиров). *Радионун кабарына караганда келе жаткан жума жаан-чачындуу болот экен* (Каимов). *Аяк таштапшына караганда бул тың жылкы көрүнөт* («Ала-Тоо»).

**КАРАГАНДУУ** Караган өскөн, караганы көп. *Карагандуу жер.*

**КАРАГАТ** 1. Кычкыл же кычкылыраак таттуу даамы бар мөмө берүүчү бадал өсүмдүгү. *Кызыл карагат. Кара карагат.* 2. Ушул бадалдын кара, кызыл түстөгү майда тоголок жемиши. *Бул жолду нечен жолу басып, шактарга асылып, карагат терип жеген элем* («Жаш ленинчи»).

**КАРАГАТТАЙ** Мөлтүрөгөн кара көздүн түсүн, көрүнүшүн элестетүү үчүн колдонулат. *Көзү карагаттай болуп, Лайлыкан кара торунун эң сулуусу* (Жантөшев).

**КАРАГЫМ** Баласы менен тең чамалуу же өзүнөн көп кичүү адамдарга эркелетүү, жалбаруу иретинде кайрылуу формасы. *Амансыңбы, карагым, Азыраак айткан кебиңе, Алсырап кетип барамын* (Токтогул).

**КАРАГЫС** Кароого адам даай алгыс; кебетеси, көрүнүшү начар, адам бет бага алгыдай эмес. *Ажал десем адамдай, Айланып адам карагыс, Айбаты бороон шамалдай* («Манас»). *Бети-башың ботала, кебетең адам карагыс болуптур* («Чалкан»).

**КАРАЖ** *тар.* Дыйкандар кырман башына үч койдон же алган түшүмүнүн бештен бирин төлөөгө тийиш болгон салык.

**КАРАЖАМА** *к.* **жама I.** *Какшатып неге жеген жок, Каражама оозумду?* («Мендирман»).

**КАРАЖАТ** 1. Белгилүү бир максат үчүн сарп кылынуучу, төлөнүүчү, жумшалуучу акча же мал-мүлк, байлык. *Аны Асылкан эжем менен өзүң акылдаш, ал эми каражат болсо табылат* (Жантөшев). *Рудольфтун каражаты такыр түгөндү* (Баялинов). *Төлөйүн десем, ага жетерлик каражатым жок* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир ишти жүргүзүү, ишке ашыруу үчүн керек болгон ар кандай нерселердин жалпы жыйындысы, жалпы аталышы. *Өндүрүш каражаттары. Транспорт каражаттары. Кошумча каражат.* 3. Тилдин сөз байлыгы. *Көркөм сөз каражаты.*

**КАРАЖАТТА** Каражат кылуу, жумшоо, керектөө. *Акчаны каражатта.*

**КАРАЖАТТАЛ каражатта** этишинин туюк мамилеси.

**КАРАЖАТТОО каражатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАЖАТТУУ** Каражат кыла турган акчасы, мүлкү, байлыгы, каражаты көп.

**КАРАЙ I** 1. Карaруу, кара түскө айлануу. *Жер бети карайып, ак кар, көк муздан арылган кез* («Ала-Тоо»). *Карайган калың булуттар ары-бери сүрүлүп отуруп, көлдүн үстүндө самсаалап турган кезде, биз чатырларды көздөй дыр коюп жөнөдүк* («Ала-Тоо»). 2. Калың, жыш болгон нерселер алыстан түнөрүңкү тартып, карарып көрүндү. *Маңдайынан көрүндү, Карарган шаардын барааны* («Курманбек»). *Карайган дарак чарбагым, Карааның көрбөй зарладым* (Токтогул). *Алыстагы карайган чоң караанды көздөй түз жылып отурдук* (Баялинов). 3. *өт.* Аябай ачуусу келүү, кыжыры кайноо, түнөрүү. *Атаңдын мүнөзүн билесиң го, бир карайганына экинчи агарбайт* (Каимов). *Карайды жаным ушундай, Каныма тоюп жутса да* (Токтогул). 4. *диал.* Кара. *Карай көз. Карай куш.*

**КАРАЙ II** Көздөй, карата. *Калмакты карай түз барып, Кан төгүшүп чуу салып* («Курманбек»). *Дасторкондой жайылган узун шоссе жол менен батышка карай чимирилип бир машина келе жатат* (Баялинов).

**КАРАЙЛА** 1. Көзү жакшы көрбөй бүдөмүктөп калуу. *Жалгыз көзүң карайлап, Жардан учуп өлөсүң* (Токтогул). *Карайлап кара көз көрбөй, Кайырсыз катаал түн беле?* (Абдыраманов). 2. *өт.* Эмне кыларын билбей кайсалоо, карбаластай берүү, айласы кетүү. *Каныш байкуштун, күнү карайлады го* (Сыдыкбеков). *Кайда бараарын, кимден сурaарын билбей, карайлап турбайбы* (Байтемиров). *Баш буруп баса албай, карга камалган малдар катуу карайлады* (Убукеев). *Калчаса тагдыр кайратым кетип карайлап, Кайгырып келип, кубанып чыгам үйүңдөн!* (Бегимкулова).

**КАРАЙЛАТ карайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАЙЛОО карайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАЙТ карай II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАКАЛПАКТАР** *ж. с.* **каракалпак.** Өзбекстандын курамындагы эл.

**КАРАКАШ** Канаттары кыска, куйругу узун, кара түстүү келген ири суу кушу.

**КАРАКЕЛТЕК** Көтөрүлүшкө, согушка элден чогултулган жардамчы күч.

**КАРАКТА** Биреөнүн дүнүйөсүн, кийим-кечесин ж.б. тоноп кетүү, тартып алуу, каракчылык кылуу. *Куршаб дарыясынын өйүз-бүйүзүндө карактап кетүү өнөкөтү көп болор эле* (Абдукаримов). *Жолдон өткөн кишинин, Атын сойгон карактап* (Барды).

**КАРАКТАТ каракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАКТОО каракта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАКУНАС** *к.* **кунас.** *Каракунастай тартайган.*

**КАРАКУР** Тоок түркүмүнө кирүүчү кара түстөгү илбээсин куш. *Кайдадыр каракур канат какса, теребел жаңырык чыгарып оштоно берет* (Сыдыкбеков).

**КАРАКУШ** Баш сөөгүнүн арткы (каракуш мээси орношкон) бөлүгү. *Бирөө каракушка чапкандай көздөрү караңгылап, жыгылып кете жаздап токтоду* (Жантөшев).

**КАРАКҮЛ** 1. Козуларынан баалуу көрпө алынуучу, кылчык жүндүү кой тукуму. 2. Белгилүү тукумдагы койдун (каракүл коюнун) козусунан алынуучу тармал жүндүү баалуу көрпө.

**КАРАКЧЫ** 1. Талоончу, карактап кетүүчү, каракчылык кылуучу, *Каракчылардын колунан эмне келет?* (Сасыкбаев). *Каракчылар кол салышып, жүгүбүздү талап алышты* («Жомоктор»). 2. Эски кийимден, чүпүрөктөрдөн ж.б. жасалып, таранчыдан же башка нерседен эгинди, бакчаны ж.б. коруу максатында сайып коюлган сөлөкөт. *Карга, кузгун келбеске, Эт менен тери бар жерге, Каракчы кылып салалы* («Эл адабияты»). 3. Кебетеси жаман, булганч, жүдөө кишиге карата же бирөөнү кодулоо, кемсинтүү иретинде айтылат. *Селпейген каракчы деп уруп-согуп, Ажаандар айбандарча алды кекти* (Турусбеков). *Кармалаба, селпейген каракчы* (Жантөшев). *Каракчыдай болуп кантип барат элем* (Сыдыкбеков).

**КАРАКЧЫЛЫК** Талоончулук, карактап, тоноп алуучулук. *Айласы кетти, эми көрүнөө каракчылыкка өттү* (Борбугулов).

**КАРАЛ I** 1. Караан тутар, бел кылар тирек, таяныч, медер. *Абабыз элең уялаш, Карал кылдым, бел кылдым, Кан абам, сени шер кылдым* («Сейтек»). *Коркок жигиттен короочу дөбөт жанга карал* (макал). *Жанындагы беш жолдош, Жанга карал эш жолдош.* («Саринжи-Бөкөй»). 2. **каралды** менен бирдей. *Каралымды ыйлатпа* («Саринжи-Бөкөй»).

**КАРАЛ II** Кул, малай. *Түлкүбек Каныбекти карал кылып Зуннахунга бергени жатабы?* (Жантөшев).

**КАРАЛ III** Мөөнөт, белгиленген убакыт чеги.

**КАРАЛ IV кара IV** этишинин туюк мамилеси.

**КАРАЛА I** Таштап кете албай айланчыктоо, кармалып калуу, айланышуу. *Бээ кулунуна каралап токтой калды* («Ала-Тоо»). *Жакшы болсо жолдошуң, жаныңдан чыкпай каралайт* (Осмонкул). 2. Кароо, кам көрүү, күтүү. *Малга каралап мына ушул жайыт жерлерге көчүп келбедикпи* («Ала-Тоо»). *Үй оокатка каралап, отун-сууга кол тийгизип коёр кимибиз калды?* («Чалкан»).

**КАРАЛА II** 1. Бирөөгө күнөө коюу, жамандоо, кара кылуу, айыптоо. *Каралап мени залимдер, Кармалып элден кеткемин* (Токтогул). *Силерди каралап жатпайбы?* (Жантөшев). *Актай башын каралап, Айдай бетин жаралап* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Карага боёо, карартуу, кара кылуу, чиймелөө. *Ак кагазды каралап, Кат билбеген айыбым* (Токтогул).

**КАРАЛАН карала II** этишинин өздүк мамилеси.

**КАРАЛАТ карала II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАЛАШ** Бирөөгө жардамдашуу, жардам берүү, кол кабыш кылуу. *Өз эрки өзүндө эмес, Канымбүбү байкуш бөбөктөрүнө канткенде каралашат* (Сыдыкбеков). *Досумдун бала-чакасына кез-кез каралашкан болом* (Жантөшев).

**КАРАЛДЫ** Бел кылар медер, тирек, жөлөк (көбүнчө балага карата айтылат). *О кагылайын тентегим, Каралды болчу, Сейтегим* («Сейтек»). *Каралдым ай, кимге барып зарылдың экен!* (Бейшеналиев). *Кайдыгер жоого кетирбе Каралдыңдын намысын!* («Курманбек»).

**КАРАЛЖЫН** Анча кара эмес, карараак, карага жакын. *Каралжын тарткан булгаары шапке кийген бирөө эшиктен салам айтып кирди* («Ала-Тоо»). *Кара алтындан уютма, Каралжын ыраң тон менен* («Манас»). *Павел Семенов келбеттүү чоң киши чачы каралжын* (Жантөшев).

**КАРАЛОО I карала I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАЛОО II карала II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАЛООЧУ** 1. Айыптоочу (жоопко тартылган адамдын айыбын мойнуна коюу милдетин аткаруучу). 2. Оң, туура ишти тескери, ак ниет, таза адамдарды кара көрсөткөн адам.

**КАРАЛСЫЗ** 1. Карашаары жок, жардамсыз, кароосуз, багар-көрөрү жок. *Каралсыз калган адам.* 2. Баласыз, жалгыз баш.

**КАРАЛУУ I** Кара кийген, эри өлгөн жесир. *Каралуу калган Каныкей, Көрбөгөндү көргөн дейт* («Семетей»). *Жесир калган ка-*

*ралуу Агача аттуу энеңден* («Эр Табылды»). *Каралуу башың эр кылгын, Катын башың туу кылгын* («Сейтек»).

**КАРАЛУУ II** Бодо малдуу, ири малдары бар. *Колунда бар, каралуу адам.*

**КАРАЛЫК** 1. Адамга ак санабаган кара ниеттик, арамдык, жамандык, арам ойлуулук. *Каракчы болуп мал уурдап, Каралыкка салынып* («Эр Табылды»). *Айылды алалык бузат, араны каралык бузат* (макал). 2. Күнөөлүүлүк, айыптуулук. *Каралыгын калыс адамдар текшерип көрөр* («Ала-Тоо»).

**КАРАМА-КАРШЫ** 1. Бетме-бет, тике маңдай. *Карама-каршы жолуга калган шахтёрлор Ашырды ичке үнүнөн тааный калышчу* (Сасыкбаев). 2. Бири-бирине туура келбеген, эки башка, бирине бири окшош эмес, кайчы, айырмалуу. *Карама-каршы пикирлер. Ар бир кубулуштун өзүнө жараша карама-каршысы бар* (Абдукаримов).

**КАРАМА-КАРШЫЛЫК** Бири-бирине карама-каршы келүүчүлүк, айырмалуулук, өз ара келишпегендик. *Таптык карама-каршылык.*

**КАРАМАК** Кандайдыр бир мекеменин, уюмдун же айрым бирөөнүн өзүнө таандык экендиги, ээлиги, ошого карай тургандыгы. *Колхоздун карамагындагы жайыт аймактар. Министрликтин карамагындагы мекемелер. Мал кимдин карамагында болуу керек?* («Эркин Тоо»). *Булар кимдин карамагына өтмөкчү?* («Чалкан»).

**КАРАМАЛА** Кете албай айланчыктоо, каралап туруп калуу, кармалуу. *Саандан бошогон бээлер, кулундарынын жанынан кете албай, бир топко чейин карамалап, улам жанына барып жыт берет* (Абдукаримов). *Сен бизге карамалабай кете бер* (Абдукаримов).

**КАРАМАЛОО карамала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАМАНЧА** 1. Эч нерсесиз, такыр эчтемеси калбай, так каткан боюнча. *Үй жайынан, мал-мүлкүнөн айрылып, караманча калган кедейлер үркүндө катуу азап тартканы эсибизден кете элек* («Эркин Тоо»). *Ириде жетим-жесир, караманча эчтемеси жокторду эсиңе ал* (Жантөшев). *Тапкан-ташыганын бүт көтөрүп алып, бизди караманча калтырып кете берген экен да!* («Ала-Тоо»). 2. Таптакыр, түк. *Мени караманча эчтеме билбеген келесоо деп турасыңбы?!* («Чалкан»). *Үйгө барып келүүдөн Шарип караманча баш тартты* (Бейшеналиев).

**КАРАМДУУ** Кимдир бирөөнүн (мис, ата-энесинин, тууганынын) оокатына, турмушуна ж.б. карашып турган, кам көргөн, жардам кылган, күйүмдүү. *Энеге карамдуу мындай мыкты кыз болорбу* («Ала-Тоо»). *Тууганыңа карамдуу болоюн десең, аялың ажылдап балааны кылгыдай. Ошон үчүн туугандар деле таарынганын коюп, кеп-сөз кылбай калышты, досум* («Чалкан»).

**КАРАМЕЛЬ** Ичинде коюу жана ар кандай даамдагы ширеси бар катуу конфеттердин жалпы түрү.

**КАРАМЫГУУ карамык IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАМЫК I** Кызыл гүлдүү, уругу уулуу отоо чөп.

**КАРАМЫК II** Денеге кызарып чыга турган, этти дүүлүктүрүп, ачыштырып жиберме тери оорусу.

**КАРАМЫК III** Карараак, карасымак. *Өңү карамык келген металлдан жасалган барельеф.*

**КАРАМЫК IV** Уйкуга берилүү, уйкусу келүү, уйкуга мас болуп кыйналуу.– *Барбаймын, кеткиле! – деп, уйкуга карамыгып, Кабыл чатырды башына чүмкөй түштү* (Элебаев). *Ширин уйкусуна карамыгып жатып калды* (Сасыкбаев). *Токтогул уйкуга карамыкса да, эски кементайын тартып жамынды* (Токомбаев).

**КАРАН I** 1. Азап-тозоктуу кыйын шарт, начар турмуш-абал. *Кечээги каран турган айылдарда, Балбылдайт электрик күйүп-жанып* (Бөкөнбаев). *Жедеп күнүм каран болгондо келип отурбаймынбы* (Маликов). *Келин ошентип башындагы бактысына ишенип-ишенбей кыйды болуп турган чакта капыстан кырсык басты да, кайрадан каран күн түштү* (Акматов). 2. Ээн калган, кароосуз, багуусуз абалда болгон. *Каран калган жетимим, Каран түндү салбагын* («Сейтек»). *Каран калган малдарың, Каарына алса жуттуку, как баш!* («Эр Төштүк»).

**КАРАН II** кара этишинин өздүк мамилеси. *Күзгүгө каран. Эки жагын каранды.*

**КАРАН КҮН!** Өтө кайгырганда, чочуп кеткенде, аябай коркkондо, катуу нараазылыгын билдиргенде колдонулат. *Эмне дейт каран күн, кудай? Каран күн, айта көрбө! Ысмайыл акемен кара кагаз келди... Каран күн түштү биздин үйгө* (Мырзаев). *Каран күн, эмне болуп кетти!* («Ала-Тоо»). – *Эй, каран күн, бизге кошоматтан башка, чокубузду колубуз менен калкалаштан башка арга калган жок беле?...* (Касымбеков). **В.: Кокуй күн!** *Кокуй күн турбайсыңбы!* (Бейшеналиев). *А, кокуй күн, дагы эмне болуп кетти! – ыя, кокуй күн, көңүл иши куруп кетсин!* (Бердикеев). **Алат күн.** *Атыңдын оозун бура тур, Алат күн, Чүрөк, тура тур* («Сейтек»).

**КАРАН ТҮН** Кыйынчылык, чоң кырсык, өтө оор абал. *Калдайган калктын башына каран түн мынча келе элек* («Манас»). *Туйгундардан айрылып, Каран түн түштү Манаска* («Манас»). *Аларга каран түн болуп, Агарып таң аткан жок* (Тоголок Молдо). *Карындашым Зууранын башына каран түн түшүптүр* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Кара түн.** *Жалпы эле Жurttун башына кара*

*түн түшүптүр* (Бектенов),

**КАРАНДАЙ** Жалаң гана, аралашмасы, кошулмасы жок. *Карандай чай. Карандай суу. Бүгүн аба ачык болгону менен карандай суук болуп турду* (Убукеев). *Каңгырап жаткан талаа эле, Карандай шамал чаң эле* (Үсөнбаев).

**КАРАНДАЙ СУУК** Жаан-чачын болбой, кар жаабай, күн ачык болуп тургандагы өтө катуу суук, ызгаар. *Кыймылсыз селдейип тура калсаң өпкөдөн өткөн карандай суук колдоруңдун учтарын, беттериңдин отун ийне менен сайгандай тызылдатып иет* (Кыдырмышев). **В.: Кара суук.** *Тү деген түкүрүк жерге түшпөй тоңуп, жаланган кара суук колу-бетти аймалайт* (Бердикеев).

**КАРАНДАШ** 1. Жыгач таякчанын ичине графиттен же кургак боёк затынан өзөк салынып жасалып, жазуу, чийүү, сүрөт тартуу үчүн колдонула турган курал. *Боёк карандаш. Сыя карандаш. Инженер-майор картаны столдун үстүнө жайды да карандашын колуна алып, сүйлөй баштады* (Сасыкбаев). *Столдогу карандашты алып, жаза баштады* (Токомбаев). 2. Графит, күмүш, коргошун менен аткарылган сүрөт тартуу техникасынын аталышы.

**КАРАНДЫ** Көз каранды, кул-кутан. *Качкының кармап бергидей, Каранды белем силердин* («Эл адабияты»).

**КАРАНДЫЗ** 1. Тамыры дары катары колдонулуучу, өзөктүү, жалбырактуу, жапыз өскөн өсүмдүк. 2. Бийик өскөн, сары гүлдүү, чоң-чоң жалбырактуу, тоодо өсүүчү куурай өсүмдүгү.

**КАРАНТИН** 1. Жугуштуу оорулардын таралышын (соолорго да жайылып кетишин) токтотуу үчүн оорулуу адамдарды же малдарды башка чөйрө менен катыштырбай, изоляциялап бөлүү чаралары. *Айдан ашык карантинде жаттык* (Сыдыкбеков). 2. Жугуштуу оорулар тараган жерлерден келген жүктөрдү, кемелерди жана адамдарды текшерип көрүүчү санитардык пункт.

**КАРАҢ ЭТҮҮ** Көрүнүп кайра жок болуу. *Карап турсам, көчөнүн төмөк жаккы бурчунан бирөө караң эткендей болду* («Ала-Тоо»).

**КАРАҢГЫ** 1. Жарыгы жок, көрүүгө мүмкүн болбогон, жарыксыз абал, түн. *Күн батып, көз байланып, караңгы түшүп калды* (Жантөшев). *Караңгы түндө чыккан чыйылдаган үн алардын кулагына шумдуктуу угулду* (Байтемиров). *Үйдүн ичи караңгы болуп көзүнүн курчу кеткен байкуш кемпир казан-аягын таба албай жүрдү* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Кат таанybаган, билимсиз, түшүнүгү, аң-сезими өспөгөн, өнүкпөгөн. *Караңгыны ойготуп, – Колго берген талабың* («Жазгыч акындар»).

**КАРАҢГЫ ЖАМЫНУУ** *к.* **түн жамынуу.**

**КАРАҢГЫДА КӨЗ ТАПКАН, КАПИЛЕТТЕН СӨЗ ТАПКАН** Өтө кыйын, айлакер, амалкөй. *Бир үйдө караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан чечен бу түшкөн дүйнөнүн бир жери кем, бир жери сөлпүк экенин байкады* (Көчкөнов).

**КАРАҢГЫДА КӨЗҮМ ЖОК** Көздү жумуп колу менен сыйпалап издеп ойной турган балдар ойну.

**КАРАҢГЫЛА** 1. Караңгы түшүү, караңгы боло баштоо, көз байлануу, күүгүм кирүү. *Күн караңгылагандан караңгылап, катуулап соккон желге ыргалган карагайлар куулдөгөн болот* (Жантөшев). *Аңгыча болбой айлана да караңгылай баштады* («Ала-Тоо»). *Күн батып, күүгүм кирип бара жатты, Көрсөтпөй караңгылап эки жакты* (Үмөталиев). 2. Жарыкты бир нерсе менен тосуп караңгы түшүрүү, караңгы кылуу. *Үйдү караңгылап алып, үч күн бою дым тартай уктай берсем да өзүм билем* («Чалкан»).

**КАРАҢГЫЛАН** **караңгыла** этишинин өздүк мамилеси.

**КАРАҢГЫЛАТ** **караңгыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАҢГЫЛОО** **караңгыла** этишинин кыймыл атоочу. *Алачык ичи уламдан-улам караңгылоодо* (Жантөшев).

**КАРАҢГЫЛЫК** 1. Жарыгы жоктук, түн болгондук, жарык эместик. *Асман улам барган сайын түнөрүп, жер бетиндеги караңгылык коюулана берди* (Абдукаримов). *Күн батып, уламдан-улам жер бети караңгылыктын кучагына кирди* (Жантөшев). *Караңгылык тоонун аппак жүзүн да көрсөтпөдү* (Каимов). 2. *өт.* Кат таанybагандык, окубагандык, билимсиздик, түшүнүгү, аңсезими өнүкпөгөндүк. *Окуу – жакшылык, окуусуз –караңгылык* (макал). *Караңгылыгыман ушул күнгө туш келдим* (Бектенов). *Караңгылык курусун, болуштун лампасына көрүндүк бергенибиз да ырас* (Сыдыкбеков).

**КАРАҢГЫЧЫЛЫК** **караңгылык** менен бирдей.

**КАРАҢДА** Караң этип көрүнө калуу, көрүнө калып жок болуу, элес-булас көрүнүү. *Бурч-бурч көлөкөлөнүп, алда кандай элес караңдайт* («Советтик Кыргызстан»).

**КАРАП** Бүлүнгөн, талоонго түшкөн абал, бүлгүн, кыйроо. *Толкуп кетсе тозогуң, Толгон жандын баарысын, Карап кылып салгандай* («Сейтек»). *Калктын баарын коркутуп, Карап кылып таштадың* («Семетей»).

**КАРАП КЫЛУУ** Ойрон кылуу, талкалоо, кыйратуу.

**КАРАП ЭЛЕ ТУРГАНДАЙ** Өтө кооз, абдан сулуу, бөтөнчө жарашыктуу. *«Чымын көчөт», «килем көчөт» менен чырмалган чийлер карап эле тургандай* (Ш.Үмөталиев).

**КАРАПА** Чоподон жасалган идиш, ку-

мура. *Аздан соң бир жигит чоң карапага куюлган бирдемени алып кирди* («Жаш ленинчи»). *Карапага өстүрүлгөн канча түрдүү гүлдөр терезелердин текчесинде жайнап турганын көрөсүң* («Ала-Тоо»).

**КАРАПАЙЫМ** 1. Мүнөзү, жүргөн-турганы жөнөкөй, жупуну, бой көтөрбөгөн, менменсинбеген. *Биздин командирибиз, Василий Мартынович, курулай чакчаңдай бербеген карапайым, ак көңүл адам эле* («Ала-Тоо»). *Адам канчалык карапайым болсо, элге ошончолук жагымдуу, жугумдуу болот* («Ала-Тоо»). 2. Кызматы же башка даражасы боюнча өзгөчөлөнбөгөн, катардагыдай эле абалда болгон. *Калтабай, эми сен мурдагыдай карапайым көптүн бири эмессиң* (Токомбаев). *Кечээ жакында эле карапайым колхозчу болуп жүрүп, эми бир мекемени башкарган мыкты жетекчилердин катарына кошулдуң* («Чалкан»). 3. Тукуму асылдандырылбаган, зоот чалыш эмес, кадимкисинен өзгөчөлөнбөгөн (үй айбандарына карата айтылат). *Карапайым кыргыз жылкысы. Карапайым ит. Илгерки карапайым уйлардын ордуна азыр зоот тукум уйларды кармоого өттүк* («Ала-Тоо»).

**КАРАПАЙЫМДЫК** Башкалардан өзгөчөлөнбөгөн жөнөкөйлүк, жупунулук, менменсинбегендик. *Сенин карапайымдыгыңа карап, кыз-келиндер да катуу тамашага алып, эрмек кылышчу болду го* («Ала-Тоо»).

**КАРАПТА** Оору адамдын алы кетип жөөлүп, башы айланып, эс-учунан танган абалда болуусу. *Суугу ашынган байкушум караптап, ойду-тоону сүйлөп жөөлүй баштаганда, балдарынын эси чыкты* («Ала-Тоо»). *Караптаган адамдай, Карбаластап жөөлүйсүң* («Мендирман»). *Жаш козунун сорпосу, ооба, жаш эт, жаш козунун сорпосу, антпесе караптап кетет* (Токомбаев).

**КАРАПТАТ** **карапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАПТОО** **карапта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАПЧЫ** Жоокерлердин коргонуучу байыркы куралы.

**КАРАР I** *эск.* Токтом, чечим, бүтүм. *Мал зооту Орто Азиядагы улут республикаларынын пайдасына калсын деген карар болду* («Эркин Тоо»). *Алдын-ала сөз менен эмес, кат менен карар чыгарып ич ара акысын берсек болот.* (Абакиров).

**КАРАР II** **карай II** менен бирдей. *Доңуз сырты бир аз карара түштү* (Сыдыкбеков).

**КАРАРТ** **карар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАРУУ** **карар** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРАРЫҢКЫ** Анча кара эмес, бир аз карайгансып көрүнгөн, карараак түстө болгон. *Күнгөй тарап бир аз карарыңкы тартып, кар кетейин деп калган экен* («Ала-Тоо»).

**КАРАСАЙ** Карлыгач.

**КАРАСАНАТАЙ** Бирөөгө ак санабаган, жакшылык каалабаган, бирөөнүн ишин тескери кылганды, бүлдүргөндү жакшы көргөн кыянатчыл. *Көпүрөнү кандайдыр бир карасанатайлар гана кулатып жибергендиги билинип турат* (Жантөшев). *Хандар ошончолук карасанатай болушчу турбайбы* (Убукеев).

**КАРАСАНАТАЙЛЫК** Бирөөгө оң санабаган, жакшылык каалабаган карасанатай адамдарга мүнөздүү жорук-жосун, ошолор тарабынан болуучу иш. *Карасанатайлык кылып, сууну жыгып жибериптир* («Чалкан»). *Карасанатайлык, көрө албастык, душман болуу мамлекеттин ишине зыян келтирет* («Ала-Тоо»).

**КАРАСЫН АЛУУ** *этн.* Аш берилгенден кийин жесирдин аза күтүү убагында кийген кийимин чечтирип, башка кийим кийгизүү. *Салт ушундай, төркүндөрүн чакыртып, Айзааданын карасын алып, каалаcа башын ачып, уруксат кылышы ыктымал* (Касымбеков).

**КАРАСЬ** Карп түркүмүндөгү кызыл канаттуу, тузсуз сууларда жашай турган балык.

**КАРАТ I** Асыл таштардын салмагын өлчөө бирдиги, бул – 0,2 граммга барабар.

**КАРАТ II** **кара IV** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРАТА** 1. Барыш жөндөмөдөгү сөздөн кийин айтылып, ошого жараша, ошого ылайык келип чыккан натыйжаны билдирүү, баяндоо үчүн колдонулат. *Жарышка карата саяпкерлердин тынчы кетип жүргөн убак* (Каимов). *Кийинки күндөрдө Акбардын мамилесине карата Амантурдун да кыялы бузула түшкөн эле* (Убукеев). 2. Кыймыл-аракет багыт, алган тарапты, багытты билдирет. *Кызыл нарды карата Көкөтай барат калдактап* («Эр Төштүк»). *Каныбек менен Ажар ары карата жөнөдү* (Жантөшев). *Алым менен Сатар тамаша иретинде жылуу сөздөрүн Абазга карата айтып жатышты* (Таштемиров).

**КАРАТЭ** Японияда куралсыз өзүн-өзү коргоо, ал колу же буту менен адамдын денесинин эң талуу жерлерине уруугa негизделген спорт күрөшүнүн бир түрү.

**КАРАТЭЧИ** Каратэ менен машыккан адам.

**КАРАЧА** 1. Кара (көбүнчө төөгө карата айтылат). *Миң карача төө сайдым, Миң кара кашка бээ сайдым* («Эр Төштүк»). *Элге өкүм чачты эми Миң карача төө бер деп* («Сейтек»). 2. *сейр.* Кара өңдүү, карасур адам.

**КАРАЧАЙЛАР** *ж. с.* карачай. Карачай-Черкес автономия областында жашап туруучу элдердин бири.

**КАРАЧАНЫН ДООМАТЫ** Балакеттүү жалаадан, башка түшчү кырсыктан сакта деген маанидеги тилек. *О жараткан! Карачанын*

*доомагынан сакта, Кандын касабынан сакта!* (Кыргыздардын байыркы батасынан).

**КАРАЧЫК** Кыраан бүркүттөрдүн бири. *Акылдын түбүн байкаган, ак сакалы жайкалган аксакал ак өргөөдөн чыгып ажардуу каньшанын жанында Карачыктын кара аласындай кымпыйып турган баланы карап, сакалын сылап койду* (Субанбеков).

**КАРАШ** 1. **кара IV** этишинин кош мамилеси. 2. Жардам берүү, каралашуу, көмөк көрсөтүү. *Кабылдын Базарбайдан башка карашар эч кимиси жок* (Элебаев). *Кыйшаң-куйшаң дебестен, Жоксузга балдар карашсын* («Мендирман»).

**КАРАШТУУ** Таандык, тийиштүү, ошого карай турган. *Эр Кыязга караштуу, Адырда жылкы алты сан* («Сейтек»). *Колхозго караштуу жайыттарды коруйт* («Коммунист»).

**КАРАШТЫР** 1. **караш** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Издөө, издештирүү, карап көрүү. *Караштырып көр.*

**КАРБАЛАС** Кыймыл-аракети олдоксон, шашма, жыйынтыгы жок. *Карбалас адам.*

**КАРБАЛАСТА** Шашкалактоо, эмне кыларын билбей шашып калуу. *Жо-жок! – деп, Эсен карбаластап жооп берди* («Ала-Тоо»). *Атам карбаластап шашып калгандыктан, эшикти буйдалып ача албай жатты* («Кыргызстан аялдары»). *Кабинетке карбаластап Пугарев кирди* (Сасыкбаев).

**КАРБАЛАСТАТ карбаласта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРБАЛАСТОО карбаласта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРБАЛАСТЫК** Шашкалактык, шашмалык, жыйынтыгы жоктук.

**КАРБИД** *хим.* Көмүртектин кээ бир металлдар же металлоиддер менен болгон бирикмеси.

**КАРБИД ЧЫРАК** Кальций карбидинен суунун таасири менен алынуучу ацетиленди күйгүзүп жарык кыла турган чырак. *Кароолонгон карбид чырагын вагонеткалардын бирине илип койгон* (Сасыкбаев).

**КАРБОЛ КИСЛОТАСЫ** Дезинфекциялоочу каражат катары колдонулуучу жегич суюктук.

**КАРБОНАТ** 1. *хим.* Көмүр кислотасынын тузу (соода, патош ж.б.). 2. *геол.* Ар түрдүү металлдардын көмүр кычкыл бирикмесин берүүчү минералдардын аты. 3. Бургулоо, жылмалоо иштеринде колдонуучу майда бүдүрлүү кара алмаз.

**КАРГА I** Кара же карала түстөгү ири куштардын жалпы аты. *Карганын как эткени өзүнө кубаныч* (макал).

**КАРГА II** Бирөөгө жамандык каалаган, кырсык тилеген мааниде каргыш айтуу. *Мендирман ит өлдү деп, Элим каргап жаткандыр* («Мендирман»). *– Аябай, катуу каргасаң керек, Мырзабайдын үйү өрттөндү* (Абдукаримов). *Жалгыз баламды каргап отуруп бир балакетке жолуктургуң бар го тилиңе келген как баш! – деди кемпир* («Ала-Тоо»).

**КАРГА БОК ЧОКУЙ ЭЛЕКТЕ** Эртең менен эрте, таң заардан, таң азандан. – *Кеттиби карга бок чокуй электе? – Кетти* («Кыргызстан маданияты»). – *Эл-журт тынччылыкпы? Эмне болуп кетти? Карга бок чокуй электе келиптирсиң?* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Карга кык чокуй электе.** *Ушуну шылтоолошуп, таң заардан карга кык чокуй электе жетип келишет* (Борбиев).

**КАРГА-КУЗГУНГА ЖЕМ БОЛУУ** Талаада өлүп, сөөгү көмүлбөй калуу. *Ач бел, куу жондо өл! Карга-кузгунга жем бол! Кутурган иттей кылып атып салышсын!* (Айтматов).

**КАРГА ШЫЙРАК** Абдан кир, кычы (көбүнчө бутка карата). *Бала көрбөгөнсүп, бала бакпагансып, айыл жеринде чоңойбогонсуп, мунун менин баламды карга шыйрак дегенин карасаң! (*«Ленинчил жаш»).

**КАРГАДАЙ** 1. Каргага окшош, карга сыяктуу. 2. *өт.* Кичинекей, бою, көрүнүшү кичине. *Каргадайдан тең өскөн, Канча бир сөзгө кеңешкен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кабыланга Каныкей каргадайдан жолукту* («Манас»). *Ушул каргадай болгон байкуш чалды атка таңып, кечке кой кайтартайын деген ою бар го?* («Ала-Тоо»).

**КАРГАН I** Өзүнүн актыгын, айыптуу эмес экендигин билдирүү же актануу үчүн өзүнө карата каргыш сөздөрдү айтуу, каргыш кылуу. *Иши кара болсо да, Иле менен карганат* (Токтогул). *Айдарбек безилдеп карганып жиберди* (Жантөшев). *Арбак уруп кетсин деп, Карганып сөздү көп айтат* (Тоголок Молдо).

**КАРГАН II кары IV** менен бирдей. *Менин карган ата-энем ошондо каза таптыбы, аба!* (Турусбеков).

**КАРГАНТ карган I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРГАНУУ карган I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРГАНЫН ШЫЙРАГЫНДАЙ** Капкара, көрүнүшү өтө жагымсыз, начар. *Карганын шыйрагындай болгон немени кайдан ээрчитип алгансың* («Чалкан»).

**КАРГАТ карга II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРГАША** Кандайдыр бир ишке, ой-тилекке, максатка буйдоо болгон, аткарылышына, ишке ашышына жолтоолук кылган кырсык, каршылык, тоскоолдук. *Биздин оюбузга койбой, ушул балакет зөөкүр каргаша болот экен да!* («Ала-Тоо»). *Экөөбүздүн бактыбызга каргаша болуп, түндүн түнөргөнүн карачы* (Жантөшев).

**КАРГАШАЛУУ** Иштин, ойлогон максаттын ж.б. аткарылышына, ишке ашуусуна каргаша болгон, тоскоолдук кылган, кырсыктуу, чырчатактуу. *Атай Таластан агылгалап чыга албай жүргөндө мына ушул каргашалуу окуя чыга келди* (Каимов). *Кайгырып мында турупсуң, Каргашалуу өлүмгө* (Токтогул).

**КАРГОО карга II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРГУУ каргы II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРГЫ I** Итти чынжырга, жипке байлоого ылайыктап тагылган моюн кайыш. *Падыша баланын тайганына каргы такты* («Жомоктор»). *Күмүштөн каргы чаптырып, Жез чагарак тактырып, Жезбилекке байлаган* (Токтогул). *Каргысын алып ыргытып, Кайып болду Актайган* («Сейтек»).

**КАРГЫ II** Так түйүлө секирүү, алдыга умтула ыргуу. *Аста басып аңдыды, Түйүлүп түлкү каргыды* (Тоголок Молдо). *Ыргыштаган Тайбурул, Каргып барып тик түшөт* («Семетей»).

**КАРГЫЛ** Кирилдеген, каргылданган. *Угасыңбы менин каргыл үнүмдү, Эстейсиңби, кагаздай ак чачымды.* (Токомбаев).

**КАРГЫЛА** Итке каргы тагуу, мойнуна каргы байлоо. *Каргылаган Актайган, Азыр жара тартчудай* («Сейтек»).

**КАРГЫЛАТ каргыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРГЫЛДАН** Үнү ачык чыкпай, тоскоолдукка учурагансып, кардыгып чыгуу. *Чоронун үнү каргылданып, сүйлөгөн сөздөрү отургандарга анча ачык угулбагансып жатты* («Ала-Too»). *Түн ортосуна жеткенде үнүм каргылданып бүтүп калды* (Элебаев).

**КАРГЫЛДАНТ каргылдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРГЫЛДАНУУ каргылдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРГЫЛОО каргыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРГЫЛУУ** Каргы тагылган, каргысы бар. *Каргылуу тайган.*

**КАРГЫНАСТЫ** Башына түйшүк артуу. *Түбүн ойлоп иш кылып, каргынасты артынды.* («Эл адабияты»).

**КАРГЫТ каргы II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРГЫШ I** Бирөөгө жамандык тилеп, каргап айтылган сөз. *Ата-эненин каргышына калгыча, алардын тилин алайын дедим* (Абдукаримов). *Эсиме салат каргышың, Эзелки мастан катынды* (Токомбаев). *Кой каргышы бөрүгө жетпейт* (макал). *Каргыш тийген көр сокур, Каадалуудай сүйлөйсүң* (Калмырза).

**КАРГЫШ II** Эт булчундары менен сөөктү бириктирип турган, тыгыз жана серпилгич келген ткань.

**КАРДА** Кар жаап кирүү, жамгырдан кийин карга айланып жаай баштоо. *Алты күндүк жер бети, Аянбастан кардады* («Семетей»). *Кабарыңкы тартып, бүркөлүп турган күн кардап кирди* (Сасыкбаев). *Кеч күздөгү катуу жамгыр адатта кардап барып ачылат* («Ала-Too»).

**КАРДАЛ кардар** менен бирдей. *Көк базардын сатуучулары кардал жоктуктан, үнчүкпай отурушат* («Ала-Too»).

**КАРДАР** 1. Сатылуучу буюмдарды, товарларды керектөөчү, сатып алуучу, алууга муктаждыгы бар. *Кардарларга жең ичинен соода кылып далдалчылар жүрөт* (Жантөшев). *Комузга кардар болгондор сатып ала коёлу деп талашат* («Чалкан»). *Ошол кезде биздин жасаган буюмдарга силердин кыргыздардан да кардарлар көп боло турган* (Абдукаримов). *Биздин кызга гана эмес, силердин кызга да кардар түшүп жатканын уктук* («Ала-Too»). 2. Насыя берүүчү мекеменин, адвокаттын тейлөө иштерин пайдалануучу инсан.

**КАРДАРЧЫЛЫК** Бир нерсеге карата муктаждык, жетишпегендик. *Кардарчылыкты унутуп бараткан элек* (Сыдыкбеков).

**КАРДИНАЛ** Католиктер чиркөөсүндөгү пападан кийинки, жогорку диндик наам, мансап жана ушундай наамга, мансапка ээ болгон динчил адам.

**КАРДИОГРАММА** Жүрөктүн иштөө кыймылынын кагазга, пленкага жазып түшүрүлгөн белгиси, чиймеси.

**КАРДИОГРАФ** Жүрөктүн иштөө кыймылын жаза турган прибор.

**КАРДИОГРАФИЯ** Жүрөктүн согуу кыймылын кардиограф аркылуу жазып алуу, чиймесин түшүрүү иши.

**КАРДИОЛОГ** Жүрөк оорулары боюнча адистиги бар врач.

**КАРДИОЛОГИЯ** Медицинанын жүрөк ооруларын иликтөө, изилдөө иштерин жүргүзүүчү бөлүгү.

**КАРДИОЛОГИЯЛЫК** Жүрөк ооруларын дарылоого багытталган, ошол боюнча иш жүргүзө турган. *Кардиологиялык санаториялар.*

**КАРДОН** Корук, кайтарууга алынган жер.

**КАРДОНЧУ** Корукчу, кайтаруучу.

**КАРДУУ** Кар каптаган, кары бар, кар жаткан, кар жааган. *Кардуу бет. Кардуу өрөөн. Кардуу бороондо кантип эле жемиш бышсын* (Сыдыкбеков).

**КАРДЫГАЧ** *туурасы:* **карлыгач.**

**КАРДЫГУУ кардык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРДЫК** 1. Үнү бүткөнсүп, ачык чыкпоо, каргылданып чыгуу. *Үнү кардыккан арабакечтер кыйкырышып, станциянын ичи базар сыяктуу тополоңдуу* (Айтматов). *Кылчайып карап койгун деп, кыйкырып*

*үнүм кардыкты* («Семетей»). 2. Аптыгуу, бурдугуу, чоң-чоң сугунуу. *Нандан бир, эки кардыга сугунгандан кийин Яшанын чечекейи чеч боло баштады* (Жантөшев). *Апа, нан! – деп, ыйлап тура калган Эркин нандан кардыга жеди* («Советтик Кыргызстан»). 3. Кыйналуу, алдан-күчтөн таюу, чаалыгуу. *Кардыгып Сейтек турганда, Жетип келди Күлчоро* («Сейтек»). *Түнөргөн ата үнсүз кайышып, кардыгып отурат* (Сыдыкбеков).

**КАРЕГИ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КАРЕГИ МЕНЕН ЧИМИРИЛҮҮ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КАРЕГИН ЖАШ ЧАЮУ** Көзүнө жаш алуу. *Чалдын көзү шамдай балбылдап, карегин жаш чайды* (Сыдыгалиев).

**КАРЕГИНЕН СУУ УЧУУ** 1. Энсөө, көксөө. 2. Кан катып чаңкоо. *Каны каткан кийиктер кайсыл жерде карегинен суу учуп келе жатты экен* (Айтматов).

**КАРЕГИНЕН ТЕГЕРЕНҮҮ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КАРЕК** 1. Көздүн ортосундагы карасы. *Чала жумган кирпиктердин арасынан көздүн каректери жалт эте түшөт* (Айтматов). *Динардын көздөрүнүн кычыктары ачышып, каректери жаш чайды* (Сыдыкбеков). *Көзүнүн кареги көрүнбөй, агы аңтарыла түштү* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Балага же өтө жакын кишисине кайрылган учурда колдонулат. *Каргадай болгон Топчубай, Кайрылып көрбөйт экенмин Карегим, сенин өзүңдү* (Токтогул). *Кагылайын каректи, Аман-эсен көрөмбү* (Жантөшев).

**КАРЕЛДЕР** *ж. с.* **карел,** карелка. Карел Республикасынын негизги калкын түзүүчү эл.

**КАРЕМ** 1. Капуста. 2. Туздалган, ачыткан капуста. *Эми ойлосом ачыткан каремдин жыты беле, кандайдыр бир жыт келип турду* (Абдыраманов).

**КАРЕТА** Атка чегилүүчү, үстү жабык жеңил араба.

**КАРЖАЙ** Сөөктөрү чыгып өтө арык көрүнүү, арыктоо, эти качып, кажыган, калжайган көрүнүштө болуу. *Кабыргаңды каржайтып, Карылуу элең, жыргалым* (Тоголок Молдо). *Омор каржайып үнсүз отуруп калды* (Сыдыкбеков). *Бир түндүн ичинде каржайып арыктаган, киши таанылгыс болуп чачы агарган* (Байтемиров).

**КАРЖАЙТ каржай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЖАЛ** Иштин оорчулугунан же башка кыйынчылыктан улам чарчап-чаалыгуу, кыйналуу. *Секретарь башын чайкап: – Катуу каржалган экенсиңер! – деди* (Убукеев). *Апама түйшүктү көп үйбөгүлө. Ансыз деле кайгы-кападан каржалып баратат* (Абдукаримов). *Каржалган аттарды тыныктырып жатышат* (Жантөшев).

**КАРЖАЛТ каржал** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЖАЛУУ каржал** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЖАҢДА** Сөөктөрү каржайган арык, кары кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Теске салып кайыш ийлеген эркtер өздөрүнчө каржаңдап, талкуу менен алышууда* (Сыдыкбеков). *Качанкыга чейин эле биз каржаңдай беребиз?* (Бейшеналиев).

**КАРЖАҢДАТ каржаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЖАҢДОО каржаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЖАЮУ каржай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЖИЛИК** *туурасы:* **кар жилик.**

**КАРЖЫ** Бир нерсеге жумшалуучу, керектелүүчү акча каражаты. *Жол алыс – каржыны мол алсын дешти* (Үмөталиев). *Жол каржың үчүн бирдеме берейин дедим эле, үйгө кире кетчи, – деди таякем* («Ала-Тоо»).

**КАРЖЫЛА** Акча каражатын же башка мүлкүн каражаттоо, бир нерсеге керектөө, сарп кылуу. *Ал анча-мынча малын каржылап Зыядаханга үйлөнгөн* (Жантөшев).

**КАРЖЫЛОО каржыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРИЕС** Тиш сөөгүнүн сезгенип, чирий башташы.

**КАРИК АДАМ** Сараң, катуу баш, дүнүйөгө кароо, зыкым. *Атаңыз карик чал эле, Аяганы мал беле?* («Курманбек»).

**КАРИКАТУРА** Күлкүлүү болсун деген максатта анча окшотулбай, буруп тартылтан сүрөт. *Асанбай деген пионер жөнүндө жарыяланган сатиралык макала менен карикатура бар* («Жаш ленинчи»).

**КАРИКАТУРИСТ** Карикатура тарткан сүрөтчү.

**КАРК I** 1. Аралашмасы, кошулганы жок, нагыз өзүнөн турган, таза, нукура. *Кара башың карк алтын, хан Курманбек, аманбы* («Курманбек»). *Казынасын ачтырып, Карк алтынын чачтырып* («Семетей»).

**КАРК II** Мол, жетиштүү, кемчил эмес, кең-кесири. *Карк кылган дейт жалгыз үйдүн майына* («Ала-Тоо»). *Көп дүйнөгө жедигер, Көзү ачылбай карк болду* («Сейтек»). *Быйыл «Малай» артели кирешеге карк болуп, жылдык азыгын күрөп алды* (Элебаев).

**КАРК III** Каз, карга, каркыра сыяктуу канаттуулардын чыгарган дабышын туурап айтуу үчүн колдонулат. *Бала кез, көктөм убак, жазгы баар, Асманда карк-карк этет каркыралар* (Осмонов). *Сүйгөнү канаттуудан ала карга, Карк этсе булбулум, дейт анда-санда* (Шүкүрбеков).

**КАРКАЙ** Аркайган, аркайып чыгып турган көрүнүштө болуу. *Кара зоолор ар кай жерде каркайып, Катарлашып калың тартып*

*заңкайып* (Осмонов). *Мүйүзү каркайган тоо теке кулап келип, койчунун тушуна жатып калды* (Сасыкбаев).

**КАРКАЙТ каркай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРКАЛОО** Далдалоо, сактоо, коргоо.

**КАРКАНДА** Мүйүзүн каркайткан ири жаныбарлардын (бугу, кулжа, тоо теке) жүгүргөн кыймылын билдирүү үчүн колдонулат.

**КАРКАП** 1. Ашып-ташып. 2. Толук, кеңири, бүт. *Күүгүмдөн кийин түн кирип, Жылдыз каркап толгондо* («Эл адабияты»). *Каркап бир миң кол жүрүп, Саналуу бир миң жол жүрүп* (Тоголок Молдо).

**КАРКАС** Кандайдыр бир курулуштун бөлүктөрүн өз ара туташтырып, бириктирип турган ички тулкусу же башка бир нерсенин скелети, мисалы, боз үйдүн уук-керегеси.

**КАРКАЮУ каркай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРКЫБАР** Бирөөнүн эрдигин, кыйындыгын мактап, көтөрө чалып сүйлөөдө колдонулат. *Баатырсынган берендер, Келишкен экен каркыбар* («Манас»). *Оо, каркыбарым десе, келип калдыңбы?* (Маликов). *Бул каркыбарым турганда биздин колдон келбей турган иш жок* (Баялинов).

**КАРКЫЛДА** Карк-карк этүү, карк-карк эткен добуш салуу. *Анда-санда каркылдаган карга, шакылыктап сагызган отурат* (Жантөшев). *Март да кетти, апрель, май жакындап, Көктө турна, көлдө каздар каркылдап* (Осмонов).

**КАРКЫЛДАТ каркылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРКЫЛДОО каркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРКЫЛУУ КОЛУКТУ** Келген жерин кирешелүү, ынтымак-ырыстуу кылган, артынан жакшылык келген ак жолтой, жайыл дасторкон бала-чакалуу колукту. *Кадырына жете каалап, сүйкүмүн сүйүүнүн тили кылып-түшүнүп, каркыралуу колуктуу кылып кастарлап алар кадыркечи дал ушул болчу.*

**КАРКЫРА** 1. Тумшугу, мойну жана буту узун келген, саздуу жерлерде жүрүүчү келгин куш. *Бала кез, көктөм убак, жазгы баар, Асманда карк-карк этет каркыралар* (Осмонов). *Каркыра, турналар желесин тартып, ысык жакты көздөй жөнөшкөн экен* (Каимов). ‖ Ушул канаттуунун коюздук үчүн сайына турган канаты. *Эндик, упа, каркыра Кыз балага жарашат* (Токтогул). *Каркырасын сайынып* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Сайманын же оюунун бир түрү. *Жүк үстүнө килем жайдырып, анын үстүнө каркыра сайдырган* (Жантөшев).

**КАРКЫРА САЙДЫРГАН** Каркыра, турнанын канаттары сайылган шөкүлө. *Каркыраны сайдырып, Шөкүлө кийип келбедиң?* (Абакиров).

**КАРКЫРАЛУУ** Каркырасы бар, каркыра сайынган.

**КАРКЫРАЛУУ КЫЗ** Бойго жетип, болукшуп турган кыз.

**КАРКЫТ** Төөнүн терисинен жасалып, ооз жагы күмүш же башка жалтырак металл менен кырбууланган, ичине суюктук куюлуучу идиш. *Эр үй бүлөлөрүнүн бири чылгыйдан ченеп кесип алып, конок, кол көөкөр, тостогон капкыт, тарамыш тарамы менен көктөп үй буюмдарын жасап, бири ат жабдыктарын көктөп тирилик камында* (Абакиров). *Каркытка куюп арактан, Жутуп ийип күү чертти* («Мендирман»). *Кош каркыт арак куйдуруп* («Мендирман»).

**КАРКЫТТА** 1. Каркытка куюу, каркытка куюп сунуу, каркыт менен ичүү. *Бири куюп бирине, Каркыттап арак сунушат* («Мендирман»). 2. Көөкөр ж.б. сыяктуу тери идиштерди баалуу металл менен коoздоо, каркыт салуу. *Каркыттаган көөкөр.* 3. *өт.* Кадырлоо, урматтоо, ардактоо, алпештөө. *Калк кубанып шаттанып, Каркыттап тосуп алышса, Жигиттин көркү элинде* («Мендирман»). *Кара жанды каркыттап, Качканым жок четтешип* («Семетей»). *Биз силерден «карыя» деп каркыттаган бир ооз сөздөн башка эчтеме сурабайбыз* (Убукеев).

**КАРКЫТТАНУУ** Өзүнүн боюн түрдүү жактан коргоо, сактануу.

**КАРКЫТТАТ каркытта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРКЫТТОО каркытта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЛА карда** менен бирдей. *Анан азыраак жамгыр септи, Аягы карлап кетти* (Шүкүрбеков).

**КАРЛУУ кардуу** менен бирдей. *Карлуу күнү берсе керек атымды* (Осмонов).

**КАРЛЫГАЧ** Канаты учтуу, өңү карамык келген, чабалекей сыяктуу канаттуу. *Кайкып учкан карлыгач, өзү кара, тумшугу ак* (Каралаев). *Карлыгач чыкты калыска, Айдады атты алыска* (Тоголок Молдо).

**КАРМА** 1. Кол менен тутуу, колуна алуу. *Колума комуз кармадым, Козголуп элге жардадым* (Тоголок Молдо). *Колунда кармап турган китепти жерге коймокчу болуп, кыз эңкее калды* («Ала-Тоо»). 2. Тегерете тосуу, курчоо. *Чеп кармаган жерлерин, Талкан кылып өтөйүн* («Манас»). *Короонун айланасын чычырканак менен кармап чыкпаса, тешиктеринен мал өтүп кете бергидей* («Ала-Тоо»). ‖ Кыюу салуу, четтерин кыюулап коюу. *Жабык баштын баарына кара кундуз кармаган* (Тоголок Молдо). *Этегине кара баркыт кармаган көбөөлүү ак тон кийген адам атчан бастырып өткөнүн көргөн элек* («Ала-Тоо»). 3. Асыроо, багуу үчүн белгилүү бир жайда болчудай кылуу, токтотуп, камап туруу. *Короого кармаган койлор. Капаска кармаган бөдөнө. Ар бир кол-*

*хоз аттарды сарайга кармап, күтүнүп калды* (Сыдыкбеков). ‖ Кетирбөө, кетишине мүмкүндүк бербей, бошотпой туруу, коё бербөө. *Атымды кармап турчу, мен кайра келгиче ушул жерде бол! – деп, бригадир конторду көздөй басты* («Ала-Тоо»). *Аксакал, бизди бекер кармай бербей, тезирээк кетирсеңизчи* («Чалкан»). *Бизди беш-алты күн кармап жатып иштеткиңер бар экен да* («Ала-Тоо»). 4. Туткундоо, камакка алуу, колго түшүрүү. *Айыпсыз кармап, сот кылып, Айдаганда кербезим* (Токтогул). *Душмандын чегине өтүп, нечен ирет «тил» кармап келген мыкты чалгынчы катары бааландым* («Ала-Тоо»). ‖ Тутуп алуу, колго түшүрүү (жапайы айбандарды, качкан малды ж.б.). *Биз кичинекей кезде мына ушул бактан атам кыргый кармаганы эсимде* («Жаш ленинчи»). *Азоо бээлерди укуруктап кармап, желеге жакындатып алып келип саадырышат* («Ала-Тоо»). 5. Тейлөө, күтүү, асыроо (үй тиричилигине, оокатка карата). *Эбин таап кармаса, Үйдүн көркү катында* («Мендирман»). 6. Пайда болуу, келе калуу, боло калуу. *Ак көңүлү кармады. Марттыгы кармады. Жаман кыялы кармаса, бербей да коюшу мүмкүн. Оорусу кармады. Безгеги кармады. Талмасы кармады.* 7. Токтолуу, болуп туруу, күчүндө болуу. *Суук күч алып, а дегенде эле катуу кармады* (Убукеев). *Чилде кымбат кармаса, Малдын майы калбаса, Жут ушунда башталат* (Тоголок Молдо). *Азыр күн жылып, кар жок болгон менен, жазга жуук кармашы мүмкүн* («Ала-Тоо»). 8. Көңүлгө тутуу, эсине алуу, унутпоо, *Убалга ата калбагын, Бул сөзүмдү кармагын* («Семетей»). *Эне ордуна көрүнсөм, Балам, бул сөзүмдү кармагын* (Токтогул). 9. Өзүн өзү токтотуу, токтоо болуу. *Өзүмдү кармай албай кеттим* (Байтемиров). *Абийир бул отурушта ашык сөз сүйлөбөй, өзүн кармай билди* (Таштемиров). 10. Башкаруу, бийлөө, бийлик кылуу. *Кармаган шаары Бакбурдун, Кыйласын билем ал журттун* («Манас»). *Кайраттуу баатыр Каманбай, Калктын башын кармаган.* («Семетей»).

**КАРМААК** 1. Колу тим турбай, ар кайсыны кармалай берген, тынч турбаган. 2. Көзү көргөндү кармап кете берме ууру, туткак.

**КАРМАЛ** **карма** этишинин туюк мамилеси. *Эртерээк чыгайын деп отуруп, көпкө кармалып калганымды карачы, саат онго чамалап калган турбайбы* («Ала-Тоо»).

**КАРМАЛА** Кайра-кайра кармай берүү, бир нече жолу кармоо. *Орусбек кабагын чытып, Ашымдын колун кармалады* (Сыдыкбеков). *Кемпир кайпактап, идиш-аягын кармалап, шаштысы кеткен өңдөнду* (Бектенов).

**КАРМАЛАТ** **кармала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРМАЛОО** кармала этишинин кыймыл атоочу.

**КАРМАН** 1. Өзүн өзү токтотуу, токтоо болуу. *Ачууга жеңдирип жибербейин деп, каманып отурган эстүү адамга берки эселектер баштагысындай эле бакылдай беришти* («Чалкан»). 2. Бирөөнү өзүнө бел тутуу, тирек, жөлөк, таяныч кылуу. *Эркек бала ордуна карманган кызын Кузьма Иванович абдан жакшы көрө турган* (Сасыкбаев). *Токобайдын жөлөнөр чынары, карманар бутагы бар* (Каимов).

**КАРМАТ** **карма** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРМАШ** 1. **карма** этишинин кош мамилеси. 2. Салгылашуу, урушуу, бири-бири менен алышуу, күрөшүү. *Тамашалашкан болуп отуруп, аягында катуу кармаша кетишти окшойт* («Ала-Тоо»).

**КАРМАШТЫР** Бири-бири менен алыштыруу, күрөштүрүү, салгылаштыруу, урuштуруу. *Буларды кармаштырып коюп, өзүң эчтеме билбеген киши болуп чыга бердиңби* («Ала-Тоо»).

**КАРМАШТЫРУУ** **кармаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРМАШУУ** **кармаш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРМОН** *туурасы:* **гармоника**. Кагаз кыяк. *Акыл менен чыгарган. Кагаз кыяк кармонду* (Кылыч).

**КАРМОО** **карма** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРМҮШТӨК** *диал.* Кирпи. *Кармүштөктөй болгон неме.*

**КАРМЫШЫНА КАЛГАНДА** *диал.* Жадагалса, эң болбогондо, эң кур дегенде. *Кармышына калганда атаңдын сакалын сыйлап койсоң боло* («Ала-Тоо»).

**КАРНАВАЛ** Катышуучуларынын көпчүлүгү түрдүү маскаларды кийип, бий, ыр, ар түрдүү оюндар менен өткөрүлүүчү оюн-зоок.

**КАРНИЗ** 1. Имараттын дубалдарынын же эшик-терезелеринин сырт жагын көздөй чыгара жасалган үстүнкү кыры. 2. Терезенин же эшиктин үстүнө туурасынан орнотулуп, портьера же штора тагыла турган нерсе, үй буюму.

**КАРОО I** **кара IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРОО II** 1. Кызганчаак, ичи тар. *Аялга кароо экенсиң ээ? – деп, Барпы күлүп калды* (Байтемиров). *Эрине ушунчалык кароо болорбу, өзүң жаш эле келин экенсиң, сиңдим* («Чалкан»). 2. Аяп, сарандык кылып турма адаты бар, зыкым, кызгана берме. *Тыйынга кароо. Тамакка кароо. Атакебиз Элеман Малга кароо бай экен* («Эр Төштүк»). *Бай Байбото кайнатам, Малга кароо өз атам* (Тоголок Молдо).

**КАРООЛ I** 1. Кароо, кайтаруу милдетин аткаруучу сакчы, күзөтчү. *Эгер зарылчылык*

*туулса, кезмет менен кароол коёбуз* (Бейшеналиев). *Бирөө кастык кылат деп, Тушунда кароол турчу экен* («Манас»). 2. Сакчылык, күзөтчүлүк кызмат же ушундай кызмат орду. *Солдат мылтыгын ийнине салып, кароолдо туруп жадагандай аркы-терки көңүлсүз басат* (Жантөшев). *Кароол карап Сарыбай Куркүрөдү мактанып* («Сейтек»). *Кара аргымак токулуп, Кароолго шаша жөнөдү* («Эл адабияты»).

**КАРООЛ II** Мээлеп, түздөп атуу үчүн мылтыктын же башка атылуучу куралдын стволуна орнотулган тетик. *Чоно таштын үстүндө турган жалгыз кийикти кароолго алды* (Каимов). *Бала Гүлүс шашпады, Кароолуна кабылтып, Машааны басып ташталды* («Семетей»). *Чару кароолду мелтирей тиктеп, улактын такыр колтугун мээлеп жатты* (Осмоналиев).

**КАРООЛ БАЙЛОО** *аңч.* Болжол менен мээлеген нерсени шыкалоо.

**КАРООЛДО** Кайтаруу, күзөтүү, кароолго туруу. *Кербенчилер жүктөрүн түшүрүп, аларды кароолдоп жүрүшөт* (Абдукаримов). *Абдылда бул жылганы өзү кароолдомок болду* (Байтемиров).

**КАРООЛДОО кароолдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРООЛДОТ кароолдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРООЛКАНА** Кароол туруучу, күзөтчүлүк кылуучу жай.

**КАРООЛОН** 1. Карaруу, ыш, күйүк басып, карарып кетүү. *Кароолонуп бышкан нан. Мустафанын колундагы карбид чырагы өтө кароолонуп, каңырсып жанууда* (Сасыкбаев). 2. Жарыгы ачык болбоо, күңүрт болуп туруу. *Шахтердун чырагынын кароолонгон жарыгы бирде өткөөлдүн таманына, бирде бооруна тиет* (Сасыкбаев). *Тамдын кичинекей терезелеринен кароолонгон жарык үлпүлдөйт* («Ала-Тоо»). 3. Тутулган себептүү карарып көрүнүү, күңүрттөнүү. *Ай кароолонду. Күн кароолонду.*

**КАРООЛОНТ кароолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРООЛОНУУ кароолон** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРООЛУ ДАЖААЛ** Кароолуна илинген соо калбайт, кароолу коркунучтуу, сүрдүү – деген мааниде туюнтулат. *Кароолу дажаал, огу ажал* («Манас» С.О.).

**КАРООЛУК** Зыкымдык, дүнүйөкорлук, сарандык. *Тыйынга кароолук кылуу.*

**КАРООЛЧУ** Кароолдо турган киши, күзөтчү, сакчы. *Бул да кароолчу болсо керек* (Элебаев). *Жалгыз гана уктабаган кароолчу* (Шүкүрбеков).

**КАРООСУЗ** Карашары жок, багар-көрөрү жок. *Сексенге жашым жетет алдан тайып, Кароосуз өлмөк болдум чөлдө какыр* (Абдыраманов).

**КАРП-КУРП** Кокусунан, байкоосуздан, күтпөгөн жерден. *Локуйган кызыл киши топучан бастырып, алдыңки бурчтан карп-курп чыкты* (Сыдыкбеков). *Алдынан карпа-курпа чыга келген жигиттен иймене жалт берди* («Ала-Тоо»).

**КАРПАНДА** Барпаң-барпаң этүү, барпаңдоо. *Карпаңдай басып Кузьма келе жатты* (Сасыкбаев). *Карыса да карпаңдап, Карт буурадай тартаңдап* («Манас»).

**КАРПАНДАТ карпанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРПАНДОО карпанда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРПУУ карпы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРПЫ** Чоң-чондон тиштөө, сугунуу. *Андрей бир сындырым кара нанды эстеген жерде бир-эки карпып алып кете берет* (Сасыкбаев).

**КАРС** 1. Урулуудан, согулуудан же катуу нерсенин чорт сынып кетишинен чыккан дабыш. *Сырт жактан дүк-дүк, карс-карс каалганы койгулаган дабыш удаа-удаа жаңырды* (Бейшеналиев). *Карс этип найза сынып, бир кулачы* (Маликов). *Колундагы сынык сабоо менен кашаң тору атты улам карс эттире бир чаап келаткан Ажар* (Жантө-шев). 2. Катуу чыккан күлкүнү билдирүү үчүн колдонулат. *Мукаш карс күлүп жиберди* (Сыдыкбеков). *Карт жумушчу жаак сөөктөрүн оркойтуп, карс-карс күлдү* (Каимов).

**КАРСАК** 1. Жырткыч айбандардын жалпы аты (түлкү, карышкыр ж.б.). *Карсак жүрбөс калыңда, Карайлаган бир жанмын* («Манас»). *Караңгыда карсактын, Изине түшсө жаңылбас, Укма билген кары бар* («Сейтек»). *Карыс Дуулат алдыда, Карсактын изин тааныган* («Эл адабияты»). 2. Куйругу менен кулагынын учунда карасы бар кичирээк түлкү.

**КАРСКАН** *диал.* Жыгач челектин кырчоосу, электин, калбырдын алкагы.

**КАРСЫЛДА** 1. Кагылганда, урулганда карс-карс эткен дабыш чыгуу, карс-карс этүү. *Мылтыктын огу тарсылдап, Доолдун үнү карсылдап* («Манас»). *Товар жүктөлүүчү кызыл вагондор такоолдорун карсылдата сүзүшүп чиркелүүдө* (Сасыкбаев). *Кара болот оздук, Көмөкөйдө карсылдап* («Сейтек»). 2. Аябай катуу күлүү, карс-карс күлүү. *Атасы муну укканда ого бетер карсылдап күлдү* («Ала-Тоо»).

**КАРСЫЛДАК** Урулуудан, кагылуудан же бирөөнү сабаганда карсылдап чыккан катуу дабыш. *Чогуу каптап Жедигер, Бөлөкбайдай абаңды, Карсылдакка алыптыр* («Сейтек»).

**КАРСЫЛДАТ карсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРСЫЛДОО карсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРТ I** Жаранын же күйгөн жердин

катып калган катмары, үстүнкү бети. *Карттары түшкөн айыгып, Так болуп калган жаралар* (Маликов).

**КАРТ II** Кары, картаң, улгайган. *Карт орустар, көптөн сырын билгендер – Ай, Кийизбай! Ай, Кийизбай!–деп калат* (Осмонов). *Карады кайберенди көөнү толкуп, Карт мерген кабак серпип жаңы ойгонгон* (Бөкөнбаев).

**КАРТ III** Кекиргенде чыккан дабышты, катуу кекиргенди билдирүү үчүн колдонулат. *Токтобек күр болгон короздой мойнун керип, карт кекирди* (Абдукаримов).

**КАРТ БОЛУУ** 1. Каражатталууучу же башка зарылдыгы бар нерсеге аябай тунуу, толук жетиштүү болуу, карк болуу. 2. Кээ бир карта оюндарында (бети калды, сыйдыр) колдогу карталардын жөнөкөйлөрү менен көзүрлөрү сан жагынан барабарлашып, теңме-тең болуп калуу.

**КАРТ БӨРҮ** Көптү көргөн, турмуштун ысык-суугун башынан өткөргөн, кексе, кагылып-согулган. *Ал далайды баштан өткөргөн карт бөрүнүн бири* (Сыдыкбеков). *Булардын тизгини мына бул Кулбаш карт бөрүнүн колунда* (Абдукаримов). **В.: Карт шумкар.** *Манчыркаган жаш манап Дүр карт шумкар менен кызыл эт балапандын эришаркак болорун бөгөйт* (Бейшеналиев).

**КАРТА I** 1. Жер бетинин кагазга түшүрүлгөн чиймеси. *Географиялык карта. Жер шарынын картасы. Контурдук карта.* 2. Түрдүү оюндарды ойноого ылайыкталган, ар кандай белгилери, сүрөттөрү боюнча төрт топко бөлүнө турган чарчы кагаздар. *Карта бөлүү. Картаны ачып туруп, анан акчага колуңду сун! – дейт оюнчу* (Абдукаримов). 3. Тийиштүү маалыматтарды жазып толтуруу үчүн атайын графаларга бөлүнгөн бланк, барак. *Технологиялык карта. Санаториялык карта.*

**КАРТА II** Жылкынын майлуу жоон ичегиси. *Кырк кулактуу казанга Казы, карта салды эми* («Семетей»). *Казы менен картага Тойгонуңду ырдадың* (Токтогул). *Семиз тай союлуп, казанга казы менен карта салынган* (Жантөшев). *Казы, карта, жал берип, Байлыгы ашып толгон – дейт* (Калмырза).

**КАРТА III** *диал.* Пахта аянтынын айрым бөлүгү, бөлүнгөн аймагы. *Арабалар пахта карталарын аралап баратат* («Ала-Тоо»).

**КАРТА АЧУУ** Карта менен төлгө ачуу, төлгө салуу.

**КАРТА МЕШ** *диал.* Орто жеринде тамак-аш бышырылгыдай оюгу бар, өзү бийик, алдына от жагылма меш. *Карта мешке кой көңдөн катыра жагып коюп, Сулай дубалдарды аки менен актап чыкты* («Ала-Тоо»).

**КАРТАЙ** Карылыкка баш коюу, каруу, жашы улгаюу. *Картайып өмүр баратат, Кайрылбай кеттиң бала чак* (Бөкөнбаев). *Ак басып сакал, мурутун акылмандын, Сездирет кайгы менен картайганын* (Үмөталиев). ‖ Эскирүү, каруу (айбандарга же көп жылдык өсүмдүктөргө карата айтылат). *Жылкы он асыйдан өткөндө картая баштайт. Алма жыгачы элүү, алтымыш жылда картайышы мүмкүн.*

**КАРТАЙТ** **картай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРТАҢ** Карып калган, жашы жеткен, улгайган. – *Жарыктык де! – деп картаң эне шыпшына берди* (Сыдыкбеков). *Володянын жалгыз гана картаң атасы бар* (Жантөшев). ‖ Карылыгы жеткен, карыган (айбандарга же көп жылдык өсүмдүктөргө карата айтылат). *Картаң уй. Картаң алма.*

**КАРТАЮУ** **картай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРТЕЛЬ** *экон.* Ири капиталисттик өнөр жай бирикмеси, бааны көтөрүү жана пайданы көбөйтүү максатын көздөп, өз ара конкуренция кылуудан баш тарткан бир түрдүү ишканалардын өз ара бирикмеси.

**КАРТЕЧЬ** 1. Душманды жакын аралыктан атууга арналган артиллериялык снаряд. 2. Аңчылыкка колдонулуучу мылтыктын бытырадан ири келген майда октору.

**КАРТИНА** 1. Кагаздын, жука таардын, тактайдын ж.б. бетине түшүрүлгөн живопистик чыгарма. *Художник А. Игнатьев «Талаадан кайткан үчүр» деген таасирдүү картинаны жаратты* («Ала-Тоо»).

**КАРТОГРАФ** Географиялык карталарды түзүү (картография) боюнча адистиги бар адам.

**КАРТОГРАФИЯ** Географиялык карталарды түзүү жөнүндөгү илим, карталарды түзүү, чийүү иштери.

**КАРТОН** Калың жана катуу кылып чыгарылган кагаз. *Картон кагазынын тактасы.*

**КАРТООН** Пилдин тумшугу. *Ушул жерге сен немине кыстоо менен келдиң? Көрк мүйүзүнө сайып кетиптир. Пил картоонуна салып чайнап кетпептир* (Тоголок Молдо).

**КАРТОТЕКА** 1. Белгилүү бир маалыматтар боюнча аныктама берүү же учет жүргүзүү максатында системалуу түрдө топтоштурулган карточкалар. 2. Ушундай карточкаларды сактоочу ящик.

**КАРТОЧКА** 1. Ар кандай маалыматтарды жазууга ылайыкталган кичинекей чарчы кагаз, картон. 2. Азык же башка товар сатып алуу укугу көрсөтүлгөн талондуу кагаз. *Сабира карточка менен алган нанын, майын Клава энесине берип турду* (Сасыкбаев). 3. Чарчыланып кесилген барак, билет формасындагы күбөлүк же башка документ. 4. Кичирээк өлчөмдөгү фото, сүрөт.

**КАРТОШКА** Түбүндөгү түйүлдүгү азык катары колдонулуучу жашылча өсүмдүгү, ушул өсүмдүктүн тамакка жумшалуучу түшүмү.

*Айым апа картошка аарчый кетти* («Жашленинчи»). *Теше-теше картошка айдап, чарбасы ирденет* (Сыдыкбеков).

**КАРТӨШКӨ** картошка менен бирдей. *Эки орто огород, андан аркысы – картөшкө талаасы* (Сыдыкбеков).

**КАРТТАН** Карт алуу, карт пайда болуу. *Сол жаккы ээгинин үстүндө картанган кичине жарасы бар* (Жантөшев).

**КАРТТАНТ карттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРТТАНУУ карттан** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРТТЫК** Карт болуп, жашы жеткендик, карыгандык, улгайгандык. *Мейли мезгил өтө берсин, Мейли карттык теңселсин* (Токомбаев).

**КАРТЫ** Учуру, удулу, маалы. *Карты келген кезинде, Кара жүргөн добулбас* (Дүйшеев).

**КАРТЫК** Кан алууга, канды сордуруп таштоого колдонулуучу мүйүздөн жасалган түтүкчө.

**КАРТЫЛДА** Катуу нерсени катырата чайнаганда чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**КАРТЫЛДАТ картылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРТЫЛДОО картылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРТЫМАК** Карыгансыган, карылыкка баш койгон. *Абаздын апасы картымак тартып калган экен* (Таштемиров).

**КАРУСЕЛЬ** Парктарда, ярмаркаларда ж.б. жайларда оюн-тамаша өткөрүү үчүн орнотулуп, бири-бирине чиркешкен, жүрүүгө ылайыкталып жасалган курулуш.

**КАРУУ** 1. **кары I** менен бирдей. *Бардыгы тең жеңдерин каруулapына чейин түрүп коюшкан* («Ден соолук»). *Жылкычы оң каруусуна кызыл четин укуругун сүйрөтүп, минген атын утур теминип ойдолотот* («Жаш ленинчи»). 2. Күч, кубат, дарман. *Ар бир адам каруусу жеткенче иштейт* (Сыдыкбеков). *Каруум келсе калмактын, Бир четинен сүйрөйүн* («Курманбек»). *Айсалкындын курсагы кабырылып, каруусу кетип араң эле отурат* (Каимов).

**КАРУУ ЭТИ КАТА ЭЛЕК** Жаш, баралына келе элек, жетиле элек. *Балтыр эти толо элегинде, каруу эти ката элегине карабай, айылдагы жеңилди жерден, оорду колдон алды* (Абакиров).

**КАРУУЛА** 1. Карысына салуу, карыга илүү. *Каруулап найза ала элек* («Семетей»). 2. Күчтөө, күчкө салуу, күчтүү, алдуу экенин көрсөтүү.

**КАРУУЛУУ** Күч-кубаттуу, каруусу бар, күчтүү. *Көйнөкчөн жаткан Айсалкынды каруулуу кол катуу кармаганда, чыңырып жиберди* («Ала-Тоо»). *Эр Олжобай каруулуу Эркелик менен жүрдү эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КАРУУСУ КАЗЫК, БАШЫ ТОКМОК БОЛГОНЧО** Өмүрү өткөнчө, карыганча, узак мезгилге чейин. *Каруум казык, башым токмок болгончо сенин эшигиңде иштедим* («Ала-Тоо»).

**КАРУУСУЗ** Каруусу жок, чабал, дармансыз. *Каруусуз кишилерге зомбулук иштеген бай баласы, бек баласы* (Сыдыкбеков). *Каруусуз Дарияхан жарытып жей албады* (Жантөшев).

**КАРЦЕР** Күнөөлүү адамды белгилүү убакка чейин жеке камап коюуга, отургузууга ыйгарылган өзүнчө бөлмө, жай. *Сага он күн карцер! – деп буюрду* (Токомбаев). *Аны барып турган караңгы, эң кичине карцерге алып барып камады* («Ала-Тоо»).

**КАРЧ** Катуу нерселер сынганда, урунганда же бири-бирине сүрүлгөндө пайда болгон дабыш, качыраган үн. *Шамалдан кыйшайып жыгылган карагайлар карч этип, капчыгай ичин жаңыртат* («Ала-Тоо»). *Эшик карч ачылган сайын селт этип карай калабыз* («Чалкан»).

**КАРЧЫГА I** Бир катар кыраан куштардын жалпы наамы. *Карчыга деген кушу бар, Кадиксиз мерген ушу бар* (Тоголок Молдо). *Карчыга учат жем үчүн, Каз-өрдөк учат көл үчүн* («Олжобай менен Кишимжан»). *Калайлуу туур башынан, Карчыга боосу бошонду* (Токтогул).

**КАРЧЫГА II** Союлган малдын же эти желе турган ири жапайы айбандардын этин мүчөлөп жиликтөөдө колдун алдындагы бokоно кабырга, кара кабыргадан ылдый, кыраркадан ажыратылып кыртыштуу эти менен чыгуучу каптал бөлүк, кабыргалардан турган эти. *Карчыганын үстүндө, Төшөк салып жаткандай* («Семетей»).

**КАРЧЫЛДА** Карч-карч этүү, сынганда же бир нерсеге урунганда, сүрүлгөндө карч-карч эткен дабыш чыгаруу. *Аны каалганын карчылдаган добушу ойготту* («Ала-Тоо»).

**КАРЧЫЛДАТ карчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЧЫЛДОО карчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЧЫЛЫК** Бир нерсеге муктаждык, кордук көрүп кыйналгандык, кар болуучулук.

**КАРЧЫТ** Каптал, жан жак. *Карчыттарым көгөрүп, Жаным кейип келатам* (Тоголок Молдо). *Канаттан мен да айрылдым Карчытыма тийип ок* (Турусбеков).

**КАРЧЫТТУУ** Карчыты чыккан, карчыты жайык. *Карчыттуу жылкы.*

**КАРШЫ** 1. Ниети оң эмес, душман, кас санаган. *Бизге каршы кузгундар, Түпсүз болуп жок болду* (Токтогул). *Каршы жоодон калкын коргоп калуучу, Эр нускасы илгерkиден салты бар* (Нуркамал). *Бара-бара каршыларды чабабыз* (Токомбаев). 2. Туура келбеген, макул болбогон, жактабаган, карама-

каршы болгон. *Каршы чыгат – деп, айтып, Каалабастай кеп айтып* (Казыбек). *Бирок Адылдын акылына каршы Анархан эчтеме айткан жок* (Жантөшев). *Каршы болбос атасы, Канышымдын сөзүнө* («Мендирман»). *Биздин арабызда иштин жалпы кызыкчылыгына каршы пикирдеги адамдар да жок эмес* («Ала-Тоо»). 3. Бет алды, бетмебет, тике алды. *Баатырлар качып ыктады, Калабалуу калмактын, Каршысына чыкпады* («Манас»). *Биз жолдун оң жагы менен келатабыз, бизге каршы келаткан жүргүнчүлөр жолдун сол жагы менен жүрөт* (Сыдыкбеков).

**КАРШЫ АЛУУ** Бирөөнү тосуп алуу, күтүп алуу. *Эшик ачылганда, аркы жакта отурган салабаттуу адам тура келип, бизди каршы алды* (Убукеев). *Мусабек уулунун жогорку даражалуу болгонун бөтөнчө кубанычтуулук менен каршы алды* (Сасыкбаев). *Ал инисин жылуу жүз менен каршы алды* (Бердикеев).

**КАРШЫ-ТЕРШИ** Бир беткей эмес, бирибирине кайчылашкан, чаташкан, оң-тетиринен болгон. *Каршы-терши сызыктар. Каршы-терши ташталган жыгачтар. Көчөдөгү каршы-терши өтүп жаткан адамдар менен машиналардан башың айланат* («Ала-Тоо»). *Каршы-терши иш кылып, Жаткын дебейт өкүмөт* (Казыбек).

**КАРШЫ ЧЫГУУ** Каршы болуу, каршы туруу. *Каршы чыгып Токоңо, Кузгундар салган жүгөнүн* (Токтогул).

**КАРШЫГУУ каршык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРШЫК** Каршы туруу, өчөшүү, каршылык көрсөтүү. *Эмне үчүн жанын сабап мага каршыгат?* (Жантөшев). *Мага каршыккан сен болсоң, аларыңды алып тынчы* («Ала-Тоо»).

**КАРШЫКМА** Каршыгып, өчөшүп калма кежир.

**КАРШЫКТЫР каршык** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРШЫЛА** Бири-бирине карама-каршы, каршы-терши кылуу, кайчылаштыруу. *Куу жыгачтан каршылап, улуу кылып от жакты* (Жантөшев).

**КАРШЫЛАШ** Касташуу, бири-бирине кас болуу, душмандашуу, араздашуу. *Каршылаштык манапка, Өң букара бир тарап* (Токтогул). *Бирок солдат каршылашып эч сөз айткан жок* (Жантөшев).

**КАРШЫЛАШТЫР каршылаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРШЫЛАШУУ каршылаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРШЫЛОО каршыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРШЫЛЫК** Бири-бирине каршы болуп, кас санагандык, душмандык. *Мына ошентип каршылык, Эл ичинде күчөдү* («Мендирман»). *Каршылык менен кармалып, Калкымдан кеттим айдалып* (Токтогул). ‖ Тоскоолдук, жолтоолук, макул эместик. *Эл падышалык куралдуу күчтөргө туруктуулук менен каршылык көрсөтүштү* (Абдукаримов). *Менин каршылыгым жок* (Жантөшев).

**КАРЫ I** 1. Колдун чыканактан ийинге чейинки бөлүгү. *Чоконун уулу Алымга көзүн кысып койду да, Дарыяханды карыдан чымчып алды* (Жантөшев). *Кадимден берки сыр найза, Карыга баатыр илгени* («Манас»). *Карматпай каз каркылдап качкан кезде, Колго алды автоматын карыга илген* (Үмөталиев). 2. Көкүрөктөн (төштүн орто бөлүгүнөн) тартып, сунулган колдун учуна чейин жеткен (1 метрче келген) узундук өлчөмү. *Бир кары бөз. Ыштаны жоктун түшүнө бир кары бөз кирет* (макал).

**КАРЫ II** Үйдүн төбөсүнө коюлуучу устун.

**КАРЫ III** *дин.* Куранды жат окуган, куранкана адам.

**КАРЫ IV** Карып калган, картайган, улгайган. *Сүрөдү биздей карыны, Эмгекти баалап дайындап* (Тоголок Молдо). *Балдар тигил айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты* (Сыдыкбеков). *Кары да бол, жаш да бол, Кадырлашкын тирүүңдө* (Токтогул). *Кары, жашы чогулуп, Кирдүү колго карматпайт* (Калмырза).

**КАРЫ V** 1. Жашы өтүү, картаюу, улгаюу. *Кор болбой турган алтын баш, Күйүттө жүрүп карыдым* (Токтогул). *Таалайсыз мергенчи карый түшүптүр* (Сыдыкбеков). *Атты арыганда көр, эрди карыганда көр* (макал). 2. *өт.* Эскирүү, убагы өтүп кетүү. *Чай карыды.*

**КАРЫ КЫЗ** Нымдуу жерде өсүүчү майда көк гүлдүү өсүмдүк жана анын жабышкак уругу. *Анын эскирген трайке шымынын багалегин кары кыз ширеп, мойнунан тери жылтылдайт* (Сыдыкбеков).

**КАРЫБ** Жакын, бирдей, окшош, кошуна. *Ал байкуш илгери байлардын коюн кайтарып, ит карыбында эшикте жата турган.*

**КАРЫГУУ карык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЫЗ** Бирөөдөн насыя түрүндө алынган же бирөөгө берилген акча, буюм же башка нерсе. *Жайлата карыз алып ичкен эгиндерди өзүңөргө тийген үлүштөн берерсиңер* (Жантөшев). *Пейли бузук адамдан, Беш тыйын карыз албагын* (Токтогул). *Карыз арасына суу жүрбөйт* (макал). *Чомун ойноп жүргөндө, Карызга батып жүргөндө* (Калмырза).

**КАРЫЗГА карыз** менен бирдей. *Карызгама бердим. Карызга болуу.*

**КАРЫЗГАЛА карызда** менен бирдей. *Акча карызгалай турбасак болбойт окшоду* («Ала-Тоо»).

**КАРЫЗДА** Карыз алуу, карызгалоо. *Кармыш агайдан карыздап алып кутулам* (Байтемиров).

**КАРЫЗДАН карызда** этишинин өздүк мамилеси.

**КАРЫЗДАР** Мойнунда карызы бар, бирөөгө карыз болгон, бересеси бар. *Карыздар болбо, эр жигит, Көтөрмөгө бурулуп* (Токтогул).

**КАРЫЗДАТ карызда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЫЗДОО карызда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЫЗДУУ** Карызы бар, насыялуу, береселүү.

**КАРЫК** Жакшы көрө албай, көзү тунаруу, көзү уялуу. *Агарган карда көп жүрсөң, Көзүң бир күн карыгат* (Токтогул). *Караса көз карыккан Көчмө муздар турагың* (Турусбеков).

**КАРЫЛУУ I каруулуу** менен бирдей. *Карылуу жигиттер көтөрчү каптарды ийниме салып өйдө чыкканда кабыргам майышат* (Айтматов). *Мандикерге кеткен карылуу азаматтардын ордун басуу оңой эмес эле* (Абдукаримов).

**КАРЫЛУУ II** Кары адамы бар, карысы бар. *Карылуу үй – каадалуу үй.*

**КАРЫЛЫК I** Карып калгандык, улгайгандык, карыгандык. *Камка карылыктан күчү кеткен көздөрүн ыкшырайтып, калчылдаган колун чекесине алды* (Сыдыкбеков). *Карылык кууп жеткен соң, Кайран өмүр өткөн соң* (Токтогул). *Кайрат урап, карылыкка бой сунуп, Күндөн күнгө карт сөөктөй сынамын* (Бегимкулова).

**КАРЫЛЫК II** Куранды мыкты окуу, куранкана болуу кесиби.

**КАРЫЛЫК III** Чыканактын ичин карай бүктөлгөн жери. *Укуругун, карылыкка илип коюп, жылкычылар үйүрдү имерип келе жатышты* («Ала-Too»).

**КАРЫЛЫККА БАШ КОЮУ** Улгая баштоо, картайганын сезе баштоо, жашы илгерилөө. *Адамкулдун сакалы ого бетер агарып, тулку-бою шүйүп, кичине эңкее тартып, карылыкка баш коюп калган экен* (Алыбаев). **В.: Карылыкка моюн сунуу.** *Бул кезде Бейше-Баатырдын жашы жетимишке таянып, карылыкка моюн сунуп калган экен* (Медетов).

**КАРЫМ-КАТЫШ** Бири-бири менен байланыш-катыш кылуу, байланышып туруу мамилеси.

**КАРЫН** 1. Адамдардын, айбандардын тамак синдирүүчү органы. *Карын токто кайгы жок, Каалагандын айбы жок* (Тоголок Молдо). *Тондун жеңдери жаңы сойгон жылкынын кардындай былбырады* (Токомбаев). *Келсең кардың жарылды* (Токтогул). ‖Койдун, эчкинин же кийиктин ушул органынан май куюуга, сүзмө салууга ж.б. ылайыктап иштетилген идиш. *Майды жалаң гана карынга куйбастан, мөөндөргө да куя беришет* (Абдукаримов). ‖ Ушундай идишке куюлган май же сүзмө. *Кубанычын кандырсам, Карын-карын май берет* («Эр Төштүк»), *Карын-карын май, сүзмө салып келе турган энекең бар эмеспи* («Ала-Тoo»). *Карын майга, Капырдын сөзүн козгойсуң* (Калмырза). 2. Ич, курсак. *Чиедей төрт жаш балдары, Карын ачка, кийми жок* (Токомбаев).

**КАРЫН БӨЛӨ** Бир тууган эже-синдиден туулган балдар. *Карын бөлө ал эле* («Семетей» С.К.).

**КАРЫН ЧАЧ** Бала жаңы төрөлгөндөгү биринчи чач.

**КАРЫНБАЙ** 1. Куранда: малынан зекет бербей, жер соруп кеткен ач көз адам. 2. *өт.* Ач көз саран, дүнүйөгө, малга тойбогон адам. *Карынбай малга тойгон эмес, Улукман жашка тойгон эмес* (Макал).

**КАРЫНДАШ I** 1. Өзүнөн кичүү кыз бир тууган (эркек бир тууганына карата). *Карындашы Динарды үйгө калтырып келгенине Аскар азыр өкүнүп да калды* (Сыдыкбеков). *Манастын жалгыз карындашы* (Бөкөнбаев). ‖ Аталаш туугандардын өзүнөн кичүү кыздары (аталаш эркек туугандарына карата). *Бул кыз – менин карындашым. Экөөбүздүн аталарыбыз бир тууган – деп, Омор Жамалдын жөн-жайын түшүндүрө баштады* («Ала-Тоо»). 2. Жашы улуу эркектер өзүнөн кичүү кыз-келиндерге, аялдарга кайрылуу иретинде айтыла турган сөз. *Эмгекте жүргөн карындаш, Турмуштун көркү, жайдарым* (Бөкөнбаев). *«Мыскал карындаш» дешип, ал кызга сый таанышташ мамиле кылышат* (Сыдыкбеков). – *Эсенсизби, карындаш жан!* (Нуркамал).

**КАРЫНДАШ II** *туурасы:* **карандаш.**

**КАРЫНДЫЗ карандыз** менен бирдей. *Бел кырчоого келип калган калың карындыздардын арасына отура калды* (Жантөшев).

**КАРЫП** 1. Тентиген, элинен ажыраган. *Алыстан келе жаткан карып элем, сизден жай сурайын деген элем!* (Жантөшев). *Даниярга боору ачып, үй-жайы жок, эптеп жан сактап жүргөн бечара карып дешет* (Айтматов). *Карып болуп сандалып, Кекенген душман калгандыр* (Казыбек). 2. *өт.* Кедей, бечара, байкуш. *Сандыргалуу эр Кошой, Санап туруп малдарын, Карыптарга бергени* («Ма-нас»). 3. *өт.* Адам жаны, тирүү адам (алсыз адам маанисинде). *Кандайлыктан өлтүрбөй, Карып жан аман калдыңыз* («Манас» С.О.). *Жети күнү урушуп, Карып көзү киртийип.* («Манас» С. К.).

**КАРЫПТЫК** Бечарачылык, багар-көрөрү жоктук, алсыздык, мусапырчылык. *Башыма түштү карыптык, Кара нан жеп, суу ичип, Кайран жан тартты арыктык*

(Токтогул). *Карыптык башка келгенде, Кайгы менен күн кечер* (Тоголок Молдо).

**КАРЫПЧЫ карыпчын** менен бирдей. *Калмактардын кан Жолой, Карыпчысын кийсин де* («Манас»). *Карыпчысын калдайтып, Каны кошо келиптир* («Манас» С.К.).

**КАРЫПЧЫЛЫК карыптык** менен бирдей. *Өмүрдө карыпчылыктан кайгылуу нерсе жок* (Элебаев).

**КАРЫПЧЫН** Чыканактан жогору кийиле турган жоокердик темир жең кап. *Карыпчын соот, жарагын, Калканын кошо кийүүчү* (Тоголок Молдо).

**КАРЫСЫН КАЗЫК, БАШЫН ТОКМОК КЫЛУУ** *к.* **каруусун казык, башын токмок кылуу.**

**КАРЫСЫН** Кары сыяктанып көрүнүү, карыгансуу.

**КАРЫТ кары V** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЫШ I** 1. Бармак менен ортонду кергендеги аралык өлчөмү. *Кызыл буудайдын ар биринин башы кере карыш* (Абдукаримов). *Ийгиликтин эрте-кечи жок: сөөмдү жакын, карышты алыс көрбө* (Жантөшев). *Кайруусу кере карыш кундуз тебетейдин төбөсүнө сеңселтип, бур тутам үкүнү тагып койгон* (Убукеев). 2. *өт.* Өтө жакын, алыстыгы жок, жапжакын жерде. *Бир-эки жолу кат жазууну ойлосо да, ушул карыш турган жерден кат жиберүүнү намыз кылды* (Байтемиров). *Карыш жылууга чоло тийбейт* (Бейшеналиев). *Карыш жер көрүнбөй, бат эле жер жүзү түнөрүп, улуган сүрдүү доош Сабийранын эсин чыгарды* (Сыдыкбеков).

**КАРЫШ II** 1. Колу-буту же жаагы тырышуу, жазылбай жыйрылып калуу. *Окоро түйгөн ак тизгин, Тарталбай колдо карышып* («Манас»). *Кармаган сүрдүү куралга, Карышты бекем колдору* (Бөкөнбаев). *Уулжан карышкан бутун сунуп, жайланып отурду.* (Баялинов). 2. Ачкалыктан алы кетүү, кайышуу. *Аттарыбыз ачкасынан карышып араң турат* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Өжөрлөнүү, көктүк кылуу, айтканынан кайтпоо. *Акмат да көп карышкан жок* («Ала-Тоо»). *Көп карышпаңыз, мен Орто-Жонго эле кыштатайын* (Абдумомунов). *Карышкан жоого кол салып, Тийбей турган жер бекен?* («Сейтек») 4. *өт. диал.* Анга коюлган капкан куру чабуу, эч нерсе түшпөй калуу. *Тузак тартсаң үзүлүп, Карышып калсын капканың* («Мендирман»).

**КАРЫШКЫР** 1. Бөрү, ит түспөлдөш келген жырткыч, иттин эзелки тукуму. *Койго карышкыр тийип, бир четинен бөлө качканы жаман* (Жантөшев). *Кабылан, жолборс карышкыр, Азуусу бар айбандар* (Тоголок Молдо). 2. Ушул айбандын терисинен жасалган кийим. *Суукта жүрүп, бая келер замат Барпы Асанбайга карышкыр ичигин жаба салган* (Байтемиров). 3. *өт.* Алдым-жуттумдугу бар, элди эзген зулум, шылуун, жегич. *Кой терисин жамынган карышкыр* (Жантөшев). *Катылган карышкырдын көзүн ойсок* (Барпы). *Бул иште карышкыр болуп калышкан тура.*

**КАРЫШКЫР СОТУ МЕНЕН ЖАЗАЛОО** Өз билгендей айтып коюу, каалаганындай күнөөлөө. *Карышкыр соту менен жазалап, касап да өздөрү, бычак да өздөрү болду* (Үмөталиев).

**КАРЫШКЫРГА КОЙ КАЙТАРТУУ** Алдым-жуттумдарга, шылуундарга жол берүү, аларга ишеним кылып, мүмкүнчүлүк, шарт түзүп берүү. *Кыскасы, карышкырга кой кайтартыптырбыз дечи. Биз көп учурда өзүбүз байкабайбыз. Карышкырга кой кайтартып койдук дейт Татыбек* (Байтемиров).

**КАРЫШТА** Карышы менен өлчөө, карышка салып ченөө.

**КАРЫШТАТ карышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАРЫШТОО карышта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЫШУУ карыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАРЫЯ** 1. Жашап калган, жашы улгайган, кары киши. *Кулагын түрө шырдак үстүндө комдонгон карыя* (Бейшеналиев). *Мамбет карыя уландар менен бирге иштей берүүнү каалады* (Сасыкбаев). 2. Жашы улуу, кары адамдарга (эркектерге) улуулугун урматтап кайрылуу түрү. *Камыкпа, Бектур карыя, Каскактуу найза аларбыз* (Турусбеков). *Карыя болуш Кулбарак, Касиеттүү курагы* (Казыбек).

**КАРЬЕР** Тайыз жаткан кендерди ачыкта туруп казып алуучу же кум, таш, топурак ж.б. казып алына турган жер.

**КАРЬЕРА** Кызмат, мартаба, мансап.

**КАРЬЕРИЗМ** Карьера үчүн күрөшкөндүк, өз керт башынын ийгилиги, мансабынын жогору болушу үчүн умтулгандык.

**КАРЬЕРИСТ** Мансапкор, мансап көздөгөн адам.

**КАС I** Душмандыгы бар, ниети каршы. *Кастын ою бөлөк, достун ою жөлөк* («Ала-Тоо»). *Кабылан, шер, эр менен, Кас болушуп нетелик?* («Сейтек»). *Капардын мага кас болуп, ниети бузула турган жөнү жок эле* («Ала-Тоо»).

**КАС II** 1. Артыкча, өзгөчө, мыкты, чыныгы, башкача. *Камчы салып тулпарга, Кас баатырлар шаркылдап* («Манас»). *Кас буудан болсо билесиң, Кара чобур минесиң* («Манас). 2. Жеке өзүмдүк, менчик. *Кас буудандын баарысын, Кайра баштан такалап* («Манас» С.К.).

**КАС САНОО** Бирөөгө душман катары кароо, каршы пикирде болуу, жамандык ойлоо. *Кас санаган жоо болсо Кайрат менен сүргөндөр* («Курманбек»).

**КАС ТИГҮҮ** Кастыгын көрсөтүү, касташуу, кастык кылуу. *Кас тиккен жоон багынгыс, Айланаң аска жар беле* («Мендирман»).

**КАСА** Жылкынын урук безИ, куулугу же ошол без орношкон жери. *Баспачудай аттарды, Касадан ары бир коюп, Тийип чыгып келатат* («Манас»). *Кара жаак булдурсун, Каң дегизе күрөңдү, Касага тартып жиберди* («Сейтек»).

**КАСА ТУЙГУН** *аңч.* Көзү сары, чечекейи кара эң кыраан туйгун.

**КАСА ТУЛПАР** Чыныгы, мыкты, өзгөчө күлүк ат. *Карап турсам таапсың, Баатыр сен, каса тулпар – Аккула* («Сейтек»).

**КАСАБА** Бир жак бети жарданып калган, кыр тарткан кар. *Кыштай найза бою касаба жаткан өзөн тоборсуй баштады* (Сыдыкбеков). *Лыжасын камдап, бөбөктөр касаба карга жөнөшөт* (Токобаев).

**КАСАБАЛУУ** Жарданган, бийик жар сыяктуу көрүнгөн. *Бирде жар ташка кирип, бирде касабалуу шагылдан имерилет* («Ала-Тоо»). *Күжүрмөндүк күчү менен тоо жарган, Касабалуу катар ташын оодарган* (Калык).

**КАСАКАНА** *диал.* Тоскоол, жолтоо, каргаша. *Алайын деген нерсеме касакана кылды.* («Эл адабияты»).

**КАСАМ** *дин.* Динге байланыштырылып, ыйык деп эсеп кылынган ант, шерт. *Чын болсо да жан кечти, Чыдай берет касамга* (Токтогул).

**КАСАМ ИЧҮҮ** Карганув, ант берүү. *Эки бардаңкеден кырк гана мылтык берилип, өз алдынча карыш жортпой турган болуп, аскер башынын алдынан касам ичип чыкты* (Касымбеков). *Касам ичип антташышат* (Осмоналиев).

**КАСАМДАШ** Антташуу, касам ичишүү, шерт кылышуу. *Убаданы бузбайлы деп касамдашты.*

**КАСАМКОР** Ант иче каргана берүүчү, каргышчыл. *Караны – акты билбеген, Касамкор зулум турбайбы* (Токтогул).

**КАСАП I** Касапчы. *Бир койдон бир жарым койлук пайда алууга тырышкан касаптар да бар* (Абдукаримов). *Бөдөнөнү сойсо да касап сойсун* (макал).

**КАСАП II** Каардуу, ырайымсыз, мыкаачы. *Аялга касап. Малга касап. Канчоро касап өлдү деп, Баарыга кабар салыптыр* («Сейтек»). *Катуу каар, касапты, Салалыкпы жанга деп* («Манас»).

**КАСАП III** Каргаша, жолтоо, деген мааниде. *Каргышка сени албасын, Касабы тийип калбасын* («Эл адабияты»).

**КАСАПКАНА** Мал союлуучу жер, кушкана.

**КАСАПЧЫ** Мал союучу, мал союп сатуучу киши. *Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы* (макал). *Касапчылар көчөсүнө туш келдик* (Токомбаев). *Этти касапчы сомдойт, төөнү жүгү бар комдойт* (макал).

**КАСАПЧЫЛЫК** Касап кылууга, касапчы болууга байланыштуу иштер. *Өзүбүздүн бир жакын тууганыбыз менен кеңешип, касапчылыкты да уюштуруп койдум* (Абдукаримов).

**КАСАР** Бактысыз, жарды, байкуш. *Карып-касарга жардамы көп тийген адамдардын бири эле.*

**КАСИЕТ** 1. Керемет сыйкыр. *Курандын касиети Күлүканды тим койгон жок* (Жантөшев). *Кайыпчынын кара үңкүр, Анын касиети бар үңкүр* («Сейтек»). *Анын өңүндө, көргөндүн ичин жылытарлык бир касиет бар* (Жантөшев). *Кара тоодой касиет, Конот экен өзүңө* («Манас»). 2. Бир нерсеге таандык болгон өзгөчөлүк, белги, мүнөздүүлүк. *Карыя болуш Кулбарак, Касиеттүү курагы* (Казыбек) *Суунун химиялык касиети. Заттардын физикалык касиеттери. Балдын дарылык касиети чоң* («Ала-Тоо»). 3. Түзүк, мыкты деп бааланууучу оң маанидеги сапат, кадыр-барк. *Дүйшөнкулдун бул касиети айылдагы карыяларды кубандыруучу* (Бөкөнбаев).

**КАСИЕТТЕ** Барктоо, кадырлоо, кастарлоо. *Аппак сакал жашка жетсем, Касиеттейт бабадай* (Токомбаев).

**КАСИЕТТӨӨ** **касиетте** этишинин кыймыл атоочу.

**КАСИЕТТҮҮ** Касиети бар, кереметтүү. *Бул касиеттүү баатырга, Карачы, катылган аман болобу* («Сейтек»). *Касиеттүү эр Манас, Капаланып калганы* («Манас»). *Касиеттүү кен калды. Карысын жашы сыйлаган, Калың черик эл калды* (Казыбек). *Кайберен баштап жердеген, Касиеттүү тоолору* (Нуркамал). *Касиеттүү элимди, Туралбастан көксөдүм* (Казыбек).

**КАСИЙДА** 1. *адаб.* Белгилүү адамдарды же кандайдыр бир өзгөчөлүгү бар окуяларды көтөрүңкү, салтанаттуу мааниде баяндаган ыр. 2. Араб тилинде жинге окуй турган же ооруну эмдей турган дарым. *Каландер акылман ошол кездеги адабий түркү маани менен Исхакка Касийда айтты: Кулак туткул, журт эгеси, о өкүмдар, Бейбападур жыргалың, күткөн бактың* (Касымбеков).

**КАСИРЕТ** **касырет** менен бирдей.

**КАСКА** Жоокерлердин, өрт өчүрүүчүлөрдүн, кен казуучулардын калкан формасында кылып металлдан жасалган баш кийими.

**КАСКАД** 1. Шаркыратма же шаркыратмалардын төмөн кеткен катары. 2. Куюлуп, төгүлүп турган.

**КАСКАДЕР** 1. Циркте акробатикалык жыгылууну негиз кылып көрсөткөн номер. 2. Кинофильмди тартууда татаал, кооптуу трюктарды аткарган адам.

**КАСКАК** 1. Желектин, туунун сабы, желек, туу байланган узун таяк. *Бүгүн кыргыз*

*дагы гүлгө бөлөндү, Кызыл туунун нур каскагын жөлөндү* (Токомбаев). *Солдаттар тууну каскагынан жулуп алып, белдерине курчап, жеңиштин белгисин билдирип турушту* («Ала-Тоо»). 2. Жыгач, бакан, келтек, союл. *Түндүк бакан, каскакка, Шуушаң темир ашталды* (Тоголок Молдо). *Чоюнбаш, айры таяк, түркүн аспап, Кээсинде темири жок жалаң каскак* (Токомбаев). *Каскактын учун кан кылып, Калмактык башын маң кылып* («Курманбек»). 3. Учуна темир ашталган найза. *Жоого кирсең каскагың, Уңгусу болот, учу курч Эмилден чочмор аспабың* («Сейтек»). *Каскагын кармап белендеп, Кайсалаңдап элеңдеп* («Эр Табылды»). *Каскагымды өңөрүп, Калканымды ким тагат?* («Курманбек»). *Каскактын учун кан кылып, Калмактын башын маң кылып* («Эл адабияты»). 4. *өт.* Жолтоо, тоскоолдук, бөгөт. *Бул кайдан чыга калган каскак эле, эмгиче ишибизди тындырып алып, жолубузга түшөт элек* («Ала-Тоо»). 5. Тамак ичилип жаткан учурда ичинде суусундук, тамагы бар идишке кокустан түшө калган чегиртке, чымын сыяктуу курт-кумурска. Мындай учурда кыргыздар «ырыскы талашкан каскак» деп албай туруп кошо жутуп коюшкан.

**КАСКАКТУУ** Каскакка сайылган, каскагы бар, саптуу. *Камыкпа, Бектур карыя, Каскактуу найза аларбыз* (Турусбеков).

**КАСКАН** Манту бышыруучу идиш. *Ашпозчулар: «так ысыгы – мында» – деп, Булоолонтуп ачып жатат касканын* (Токомбаев).

**КАСМАР** 1. Көбүргөн, too пыяз. 2. Кааручу, көбүргөн сыяктуу кол оорусу.

**КАССА** 1. Акчаларды, баалуу кагаздарды сактоочу үкөкчө. 2. Мекеменин акча кабыл алуучу жана берүүчү, же чыпта ж.б. сатуу жумуштарын жүргүзүүчү бөлүмү жана ушундай бөлүм үчүн ыйгарылган атайын жай. *Театр кассасы. Вокзалдын чыпта кассалары. Кассадан акча алуу. Кассага төлө. Сатар экөө кассадан Түгөлгө жолугушту* (Бейшеналиев). 3. Ар кандай насыялык мекемелердин наамы. *Сактык кассасы.* 4. Мекеменин, ишкананын колдо болгон акчасы. *Кассаны текшерүү. Кассаны өткөрүп алуу.* 5. *типогр.* Арипттерди салуучу бөлөк-бөлөк бөлүмчөлөрү бар үкөк.

**КАССАНДРА** 1. Байыркы грек эпосундагы Троян падышасы Приамдын жана Гекубанын кызы. Кассандра гректердин циклдүү поэмаларында олуялык сөздөрүнө эч ким ишенбеген көзү ачык кыз катары сүрөттөлөт. 2. *өт.* Кайгы-касиреттүү иштерден кабар берүүчү олуя.

**КАССАЦИЯ** *юр.* 1. Төмөнкү сот инстанциясынын мыйзамдуу түрдө күчүнө кире элек жана соттоо эрежелерине ылайык эмес деп табылган чечимдерин, чыгарылган өкүмдөрүн жогорку соттун кайра карап, жокко чыгарышы. 2. Сот өкүмүн ушундай кылып кайра карап чыгуу жагын суранган арыз, өтүнүч, даттануу. 3. Конституцияны же шайлоо мыйзамын бузгандыгы үчүн өткөрүлгөн шайлоолорду туура эмес деп таап, аны жокко чыгаруу жолу.

**КАССЕТА** 1. Сүрөт, кинотасма, аудиотасмаларды салууга ылайыкталып жасалган, жарык өткөрбөй турган жалпак кутуча. 2. Учактардын бомбаларды сыртка ыргытып турууга (таштап турууга) ылайыкталган техникалык жасалгасы.

**КАССИР** Мекеменин же ишкананын акча кассасын тейлөөчү же ар кандай чыпталарды сатуучу адамы.

**КАСТА I** Кас болуу, касташуу. *Кайсы экенин билбедим, Кастаганын мунуңдун.*

**КАСТА II** 1. Индия жана Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө – өзүнүн укугу жагынан жана теги жагынан кескин айырмалуу коомдук топ. 2. *өт.* Өзүнүн аброюн, өзүнүн эреже-жоболорун жан аябай коруучу коомдук топ.

**КАСТАР** Жашыруун, сырдуу. *Ажыдаардын заарына, Кастар жерде сугарган* (Залкар акындар).

**КАСТАРЛА** 1. Баркын көтөрүү, ардак-сый көрсөтүп ардактоо, кадырлоо. *Байыркы убакта кастарлап коюлган статуядай болуп, кичирээк асканын башында мылтыгын асынып Алыбек турат* (Жантөшев). *Кастарлап багып өстүргөн, Калайык мени сынагын* (Бөкөнбаев). *Ай, жылдыз турат жарашып, Кастарлап илген баргектей* («Мендирман»). 2. Аёо, сактоо, баптоо, алпештөө. *Турмуштун кыйынын көрбөй жанын кастарлагандар гана жашык келет* (Элебаев). *Катарлап берген тамагы, Каашадан кылган баламды* (Казыбек). *Китептей сени кастарлап окуп билдим мен, Бактым деп санап, башкача баалап сүйдүм мен* (Мамазаирова).

**КАСТАРЛАН** **кастарла** этишинин өздүк мамилеси.

**КАСТАРЛАТ** **кастарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАСТАРЛОО** **кастарла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАСТАРЛУУ** 1. Ардактуу, кадырлуу, урматтуу. *Кармашып жүргөн абаңды, Кастарлуу мыкты бий кылдың* («Эр Табылды»). 2. Каадалуу, урматтуу, сарамжалдуу. *Кастарлуу калың акчубак, Касиеттүү элимди* (Казыбек). *«Кастарлуу байбиченин камын көрөлүчү» дегендер үйгө кирип чыгышкан эле* («Ала-Тоо»).

**КАСТАРЫН ТИГҮҮ** Абдан каршыгуу, душмандык кылууга, жамандык ойлоого ниеттенүү. *Кастарын тигип, Үмөтөй, Калмактан бетер жоо болуп, Калкты кырып өткүдөй* («Семетей»). *Ошентсе дагы мен ага*

*эч качан кастарымды тигип, артынан түшкөнүм жок* («Ала-Тоо»). *Карарганда түнөрүп, Кастарын тигип атайы, Калган экен Сарыбай* («Сейтек»). *Жутаке менен Түнкатар молдонун тукуругу боюнча кастарыңды тигип калганыңды билем* (Жантөшев). *Бул журттун зоруна да, букарасына да кастарын тиккен душман катары кутуруп жатышат* (Касымбеков). *Чоюбек кастарын тигип жүрбөсүн бизге* (Бейшеналиев). **В.: Касын тигүү.** *Касын тиккен душман Акматты камоого алып калганына көзү жетти* (Жантөшев). *Касын тиккен душманды, Кыйратып мөрөй алышса* («Мендирман»).

**КАСТАШ** Бири-бирине кас болуп жоолашуу, каршылашуу. *Акунжан да кең көкүрөгүн дагдайтып, касташканын тепсеп кетүүчүдөй болуп эрдемсип жүрөт* (Байтемиров). *Кайраты ашып, күч толду, Чоюн алп минтип касташып, Төштүккө мушкул иш болду* («Эр Төштүк»).

**КАСТАШТЫР касташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАСТАШУУ касташ** этишинин кыймыл атоочу.

**КАСТОР I** Түктөрү тыгыз келген сукно кездеме.

**КАСТОР II: кастор майы** Кене күнжүттүн уругунан чыгарылган май (бул медицинада ич алдырыш үчүн колдонулат).

**КАСТЫМ** *сейр.* **кастык** менен бирдей. *Калсын деп жердин астында, Уурулар жүрдүң кастымда* (Барпы).

**КАСТЫК** Душмандык, бирөөгө каршы тургандык, кас болгондук, каршылык. *Бакдөөлөттүн көңүлү, Кеткен экен кастыкка* («Манас»). *Каргагандай атаңдын, Кастык жайы бар беле?* («Курманбек»).

**КАСЫРЕТ** Кайгы, капа, убайым. *Көп созулду касыретим айыкпай* (Элебаев). *Түшүнүп, ал дагы өз ичинен касырет кага «кантели, эми, кантели» дегени сезилип, асте башын ийкегилеп турду* (Касымбеков).

**КАТ I** 1. Кимдир бирөө менен пикир алмашуу, кабарлашуу, саламдашуу ж.б. максат үчүн кагаз бетине түшүрүлүп, бир жакка жиберилүүчү текст. *Анан Ванька чоң атасына кат жазды.* (Сыдыкбеков). *Татыбек, атаңдан кат барбы?* (Байтемиров). 2. Жаза билүү сабаттуулугу, жазуу. *Сиз өзүңүз кат билесизби? – дедим* (Абдукаримов). *Өнөр билдик, көтөрүлдүк асманга, Кат таанадык, кагаз алып жазганга* (Шүкүрбеков).

**КАТ II** Бир нерсенин кабаты, бир нече беттен турган катмары. *Алтынай төрт кат төшөктүн үстүндө отурат* (Сыдыкбеков). *Көйнөктөрү кат-кат болуп үстү-үстүнө жайыла берип, кайсынысын киерин өзү да билбей калчу* («Ала-Тоо»).

**КАТ III** 1. Жаап-жашыруу, көзгө урунтпай, көрсөтпөй коюу. *Отунчу бөдөнөнү койнуна катып, үйүнө келиптир* (Сыдыкбеков). *Арзыбаган буюмду Казына кылып катпагын* (Осмонкул). *Сары жез чирийт акыры, Сандыкка салып катсаң да* (Үмөталиев). *Кез-кез келчү меймандан, Тамагыңды катпагын* (Токтогул). *Коломтонун түбүнө, Өгөөнү катып кетти дейт* («Эр Төштүк»). 2. Жүгөндү, ноктону малдын башына салуу, тагуу. *Нокто катып байталга, Асыл чороң минди эми* («Сейтек»). *Жоргонун көзүн алаканы менен калкалап, башына жүгөн катты* (Айтматов).

**КАТ IV** 1. Кургаганда, куураганда же муздай болуп тоңгондо катуу абалга келүү, катуу болуп калуу. *Бирөө жумурткасын, бирөө чүрүшүп каткан өрүгүн базарга сатып, бака-шака түшүп калышчу* (Сасыкбаев). *Суу тоңгон көк жалама муздар катып* (Бөкөнбаев). *Жер ката электе айдоо, себүү жумуштарын аяктап койсок болчудай* («Ала-Тоо»). 2. Былк этпей туруп калуу, кыймылдабоо. *Акмат күүнү тыңшап, катты да калды* (Жантөшев). *Итике селейип катып калды* (Убукеев). *Бекназар булдурсунду бүктөй кармап жерге матап таянып, былк этпей катып отурду* (Касымбеков).

**КАТ НАМЭ** Жазма баян. *Бул окуя, бул кат-намэ, бул дастан. Бир күкүмү өткөн күндүн дат баскан. Күкүм эмес, бир мезгилде аскадыр, Көктү тиреп, көөдөнүнө сыр каткан* (Байзаков).

**КАТА** Туура эмес, натуура, жаңылыш, чеки. *Ойлоп турса Татыбек чын эле чоң ката жибериптир* (Байтемиров). *Ошондо мен өз катамды сезе койдум да, дароо оңдоп жибердим* («Жаш ленинчи»). *Жаман көрбөй кечиргин Сөзүмдүн болсо катасы* («Эр Табылды»).

**КАТААЛ** 1. Каардуу, ырайымсыз, мээримсиз, орой, ачуусу чукул. *Асты мындай катаалды көргөн эмесмин* (Элебаев). *Эмилакун бизге мурункудай көп катаал болбой калды* (Жантөшев). *Мүнөзү да катаал, өзүмчүл адам экен* («Ала-Тоо»). 2. Тиричиликке шарты оор, кыйын, кыйынчылык тарттырган. *Карайлап көз көрбөй, Кайырсыз катаал түн беле* (Абдыраманов). *Жылдын катаал мезгилинде да өндүрүмдүү иштей берүүгө дыйкандар үйрөнүшкөн*

**КАТААЛДА** Кыйын боло баштоо, катаал жагына айлануу, оорчулук келтирүү. *Жайында какшып, кыш тозуп, Катаалдап кетти жерибиз* («Манас»).

**КАТААЛДАН катаалда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТААЛДАТ катаалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТААЛДОО катаалда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТААЛДЫК** Ырайымсыздык, мээримсиздик, каардуулук, орой мүнөздүүлүк, катуулук. *Падышанын мандикер-жумушчу-*

*ларга кылган катаалдыгы бир аз бошоңдой түшкөнсүдү* (Абдукаримов).

**КАТАКОМБЫ** 1. *тар.* Байыркы Римдеги жана Рим империясынын башка шаарларындагы христиан дининдеги адамдар сыйынуу, жашырынуу жана өлгөндөрдү көмүү үчүн жер астына жасалган кеңири жайлар. 2. Жер астындагы жолдору татаал, адаштырма галереялар.

**КАТАЛИЗ** *хим.* Химиялык реакциянын козголушу же катализатордун таасири менен реакциянын ылдамдыгынын өзгөрүшү.

**КАТАЛИЗАТОР** *хим.* Химиялык реакцияны тездетүүчү же акырындатуучу, бирок өзү өзгөрбөөчү зат.

**КАТАЛОГ** Белгилүү тартип боюнча жайгашылган нерселердин (китептин, музейлик экспонаттардын, кол жазмалардын ж.б.) тизмеси, ирети.

**КАТАЛЫК** Жаңылыштык, туура эместик, ката кетирип коюучулук. *Каталык болсо кечир деп Алтыбай салды оңуна* («Эр Табылды»). *Каталык менден кеттиби, сенден кеттиби – аны калыс адамдар карап көрөт* («Ала-Тоо»).

**КАТАМАРАН** Эки корпус бири-бири менен бириккен жалпы палубасы бар кайык.

**КАТАҢ катуу I** менен бирдей. *Кирбе менин үйүмө! Эрим жаман катаң киши, Эрим сени өлтүрөт* («Эл адабияты»).

**КАТАПУЛЬТА** 1. Таштарды, күйүүчү май куюлган челектерди ж.б. душманды карай ыргытуу үчүн колдонулуп келген байыркы убактагы согуштук курал. 2. *тех.* Учактарды кемедеги же башка жердеги аянтчадан баштамга (стартка) чыгарып учурууга ылайыкталган механизм.

**КАТАР I** *мед.* Организмдин былжырлуу, илээшме кабыгынын сезгениши. *Тамак катары. Ичеги катары.*

**КАТАР II** 1. Бирине бири жанаша, бирине бири катарлашкан тизмек. *Сатай менен Светлана экөө кол кармашып катар келатышат* (Сыдыкбеков). *Жолбунов төр жакка басып, Итикеге катар отурду* (Убукеев). *Асыл экөөбүз чыпта алуу үчүн катарга турдук* («Ала-Тоо»). 2. Биринен кийин бири келген же үстү-үстүнө катарлашкан кабат, ирет. *Заңгырайт катар-катар миң сан үйлөр, Салынган ар жеринде эчен-эчен* (Нуркамал). *Жаткан кырдай турбина Бирөө эмес төрт катар* (Үмөталиев). 3. Сап, сол, кырка. *Кызылчаны кадимки катарга себишет* («Советтик Кыргызстан»). 4. Ара, топ. *Катарың кайда болсо, ордуң ошондо. Букара элди манаптар, Кошпойт экен катарга* (Токтогул). 5. *өт.* Бири-бирине курбу, теңтуш, катарлаш адамдар. *Карындашым Жамал жан Катарыңдан калбасын* (Токомбаев). *Азыр элиң социалдык жарышта, Асыл эже, катарыңдан калышпа* (Нуркамал). 6. Барабар, тете, тең келерлик. *Доcбергенов Жапар бар, Мунун да кызмат, эмгеги, Ушуларга катар бар* (Үсөнбаев).

**КАТАР III** Карай, карата. *Ашыр жолдо катар ар кандай анекдотторду айтып, аябай күлдүрдү* (Каимов). *Жолдо катар Нуркасым ой-тилегин Жамыйлага баштан-аяк айтты* («Ала-Тоо»).

**КАТАРАКТА** Чечекейдин бозорушу. Көз оорусуна байланыштуу дарт.

**КАТАРДА катарла** менен бирдей.

**КАТАРДАГЫ** Башкалардан өзгөчөлөнүп кетпеген, айырмаланбаган, карапайым, жөнөкөй. *Катардагы жумушчу.*

**КАТАРДАН ЧЫГУУ** Оозго алынбоо, эске алынбоо, көңүл бурулбай калуу. *Ошол күндөн баштап оозго алынбай, Жангечти катардан чыгат* (Осмоналиев).

**КАТАРДАШ катарлаш** менен бирдей.

**КАТАРДУУ** Жашы же башка жактары боюнча бирдей, тең чамалуу. *Өзү катардуу адамдарга караганда көптү билген адам* («Ала-Тоо»). *Мен катардуу адамдардан эч кимиси жок, улуусу эле өзүм экенмин, сакалымды сыйлай турган жөнүңөр бар* («Ала-Тоо»).

**КАТАРЛА** Катар-катар кылып тизүү, жыюу, бир нече катар кылуу. *Көңдү катарлап жыя берген экенсиң* («Ала-Тоо»). *Катарлап төөсүн чиркеген Жеңекем көчтү баштаптыр* («Эр Табылды»).

**КАТАРЛАН катарла** этишинин өздүк мамилеси.

**КАТАРЛАТ катарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТАРЛАШ I** 1. Бири-бирине удаа, жанаша, бир катарда. *Жерлерибиз катарлаш, Атайын бирөө кургандай* (Үмөталиев). *Төр жакта катарлаш отурушкан Батый жана Осмон бирин-бири ызат менен жылмая карашты* (Сасыкбаев). 2. Даражасы, деңгээли ж.б. жактары боюнча бири-бирине тендеш, тең келерлик же чамалаш. *Элеманга катарлаш Сараңбай деген бар экен* («Эр Төштүк»). 3. Жашы жагынан курбу, улуу-кичүүлүк айырмасы жок, жашташ. *Өзүм менен катарлаш абышкалардын кимисинен калыштым, мен да ошолордой эле эмгек үстүндө болуп келе жатпайымбы* («Ала-Тоо»).

**КАТАРЛАШ II катарла** этишинин кош мамилеси.

**КАТАРЛОО катарла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТАРЛУУ катардуу** менен бирдей. *Ысактын оокат-тиричилиги деле биз катарлуу* (Абдукаримов).

**КАТАРЛУУ ЖЫЛ: катарлуу кез** Коркунучтуу, өлүп калуу коркунучу бар жыл, же жаш. *Кейитпей Бакай абаңды, быйылча тилди алсаңар. Катарлуу жылда барбастан, Келеркиде барсаңар* («Семетей»).

**КАТАРСИС** *филос.* Тазалануу. Байыркы

грек философиясынын эстетикалык санаага батуунун маңызын чагылдырган термин.

**КАТАРЫ** Бирөөгө же бир нерсеге окшош, ошо сыяктуу же ошого тете, ошонун өзүндөй деген мааниде колдонулат. *Кулактарды тап катары жоюу мезгилинде курула баштаган колхоз* («Ала-Тоо»). *Сенде адамгерчилик жок катары экен да* («Ала-Тоо»).

**КАТАСТРОФА** Оор кырсыкка, өлүмгө дуушар кылуучу кокустук, кокусунан болгон кыйроо, бүлгүн, оор натыйжалуу окуя.

**КАТАФАЛК** Өлүктү көмүү үчүн салып бара турган атайы араба.

**КАТЕП** Тоголок, көзөнөк, жылчык сыяктуу. *Соттун жогор чети деп, Туулганын катеби, Как чыкыйдын бети деп, Бокмурун найза салганы* («Манас»).

**КАТЕР** Жакын аралыкка жүрүүчү моторлуу кайык, атайын же жардамчы милдеттерди аткаруучу кичине согуш кемеси. *Торпедалык катер. Сакчы катер.*

**КАТЕТ** *мат.* Тик бурчтуу үч бурчтуктун тик бурчун тузүүчү бир жагы.

**КАТИГҮН** *туурасы:* **катүгүн.** – *Э, катигүн кудай! Келин эмес жигитсиң го?* (Убукеев). *Катигүн, Алмам, не дейсиң, Качуунун камын не жейсиң* («Манас»).

**КАТИК** Арык, кыржыйган. *Эттенбеген катик неме экен* («Ала-Тоо»).

**КАТИҢКИ катыңкы** менен бирдей.

**КАТИРЕҢКИ** 1. Ысык аймакта, таштуу жерде өсө турган дарак. 2. Сараң, катуу киши жөнүндө айтылат.

**КАТКАЛАҢ** 1. Катып калган, катуу, муз туруп калган. *Күнгөйдүн топурагы какшып, жер кыртышы каткалаң* (Сыдыкбеков). *Кичи Айылдын кары каткалаң, кышы суук* (Жантөшев). 2. Үн катышпай, жалаң шыбыш менен айтылуучу үнсүз (мис. п, т, к, ч.).

**КАТКЫЛЫКТА** Каткыра күлүү, катуу күлүү. *Кыздар куйкөгө карап каткылыктап күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Каткылыктагандай болсо, эки эле бөйрөгү бүлкүлдөйт* (Сыдыкбеков).

**КАТКЫР** Үнүн катуу чыгарып күлүү, каткырык салуу. *Назира каткырып күлүп калды. Керез дагы башын ийкей каткыра күлдү* (Жантөшев). *Каптамдагы булакта, Каткырып ойноп, бир жүрдүм* (Женижок).

**КАТКЫРТ каткыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТКЫРУУ каткыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТКЫРЫГЫ ТАШ ЖАРУУ** Катуу күлүү, өтө көңүлдүү, көңүлү куунак жүрүү. *Каткырыгы таш жарып, Катуу күлүп калышып* («Манас»). *Каткырыгы таш жарып, дайыма шайдоот жүрө турган* (Саатов). *Каткырыгы таш жарат, Каны суюк кысталак* (Көчкөнов).

**КАТКЫРЫК** Каткырган, катуу чыккан күлкү. *Биздин каткырык блиндажды жаңыртып жиберди* («Ала-Тоо»). *Кызык, кызык турмуш күнүн сүрөр кез, Катуу, катуу каткырык салып күлөр кез* (Бөкөнбаев). *Башкалары Кадыркулдун кубанычтуу каткырыгына токтоо бербей дуу күлүп калышат* (Каимов).

**КАТМА** *дин.* Куранды бүт окуп чыгуу. *Андан көрө сен, каным, Курандан катма түшүртүп* («Мендирман»).

**КАТМАР** 1. Бир нерсенин сырт жагын каптаган тышкы бөлүгү же калың массанын кат-кат болгон, кабатталган тилкеси, каты. *Атмосферанын катмарлары. Муздун катмары. Тоо тектеринин катмары. Капкара болуп созулуп жаткан көмүр катмары абдан катуу* (Сасыкбаев). 2. Социалдык, маданий же башка белгилери боюнча жалпылыгы бар, бирдей абалда, бирдей жалпылыкта болгон адамдар тобу, коомдун белгилүү бир бөлүктөн турган тобу. *Коомдук интеллигенциянын катмары. Бул окуя калктын калың катмарына тез тарап кетти.*

**КАТМАРЛА** Катмар-катмар кылып коюу, катарлап, кат-кат кылып жыюу.

**КАТМАРЛАН катмарла** этишинин өздүк мамилеси.

**КАТМАРЛАТ катмарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТМАРЛОО катмарла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТМАРЛУУ** Бир нече катмардан турган, кат-кат, кабат-кабат болгон. *Каскасы көмүр кара алтын, Катмарлуу жердин түбүндө* (Үсөнбаев). *Канча сонун жер көрдүк, Катмарлуу нечен бел көрдүк* («Эр Табылды»).

**КАТНАШ I** Бири-бири менен байланышуу, катышуу мамилеси, байланыш, катыш. *Катнаш кылуу. Жол катнаш.*

**КАТНАШ II катыш, катташ** этиши менен бирдей.

**КАТНАШУУ катышуу, катташуу** менен бирдей. *Жийдегул да орус шахтерлор менен катнашуу аркылуу шахтада толуп жаткан окуяга, саясий иштерге түшүнөр эле* (Сасыкбаев).

**КАТОД** Тескери заряддалган электрод (аноддун карама-каршысы).

**КАТОЛИК** Католицизмди жактоочу динчил адам.

**КАТОЛИЦИЗМ** Рим папасы башкарган батыш христиан чиркөөсүнүн динге ишенүү жолу.

**КАТОРГА** Сүргүнгө айдалган күнөөкөрлөрдү оор жумуштарга чегүү, өзгөчө кыйын, катаал шарттагы камакка отургузуу жолу менен берилген жаза жана ушундай жазаны өтөөчү жай.

**КАТОРГАЛЫК каторга** дегенге таандык. *Каторгалык жумуш.*

**КАТОРЖНИК** Каторгага жиберилген же каторгада болгон адам.

**КАТРАҤ** Өсүмдүктүн бир түрү. Жемишинен кара май чыгарат.

**КАТРЕН** *адаб.* Төрт саптан турган ыр. Чыгыш поэзиясындагы рубаи жанрына жакын.

**КАТТА I** Бир нерсенин тизмесин жүргүзүү үчүн эсепке алуу. *Сени бир бөтөнчө тизмеге каттап койду* (Байтемиров). *Бул экөөбүздү жаңы түтүн эсебине каттады* (Жантөшев).

**КАТТА II** Кабат-кабат, кат-кат кылуу, үстү-үстүнө кабаттап жыюу. *Соот, чопкут, олпокту, Каттай кийип алгыла* («Эр Табылды»). *Жууркандарын, кийиз-кечелерин каттап жыйып койгон төрдөгү жүккө көз жүгүрттү* («Ала-Тоо»). *Шырдакты эки каттап сала койчу* («Ала-Тоо»).

**КАТТА III** 1. Бири-бирине катышуу, катыш жасоо, келип-кетип туруу. *Баягыдай тез-тез каттап турууга шарт болбоду* («Чалкан»). *Катарлаш айыл конгондо, Каттап доор бир сүрдүм* (Жеңижок). *Салык досунукуна көп эле каттайт* (Каимов). *Боз үй менен сарайдын ортосун миң мертебе каттады окшойт* (Бөкөнбаев). 2. Барып туруу, убакты, сааты менен бир жерден экинчи жерге кайталап барып-келүү. *Үч араба бир бригад болуп, станцияга каттай беришсин* (Айтматов). *Машина бир күндө үч каттай турган жөнү бар, жакын эле жер го* («Ала-Тоо»)*!*

**КАТТА IV** *диал.* Чоң, ири. *Катта-катта үйлөр курулду, жаңы шахталар ачылды* (Сасыкбаев). *Узун жүнү түксүйгөн, Башы катта үксүйгөн* (Барпы).

**КАТТАЛ** **катта II** этишинин туюк мамилеси.

**КАТТАМА** Арасына каймак же май сүйкөп, кат-кат кылып бышырган нан. *Каттама, мамиле чай, шекер, каймак, Тамактын ар түркүмү бирден жайнап* (Осмонов). *Кемпир-чал уюн саап, сүтүн ичип, каймагына каттама кылып жеп күн көрүшчү* («Жомоктор»).

**КАТТАТ I** **катта I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТТАТ II** **катта II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТТАШ I** Бири-бирине катышып туруу, катыш кылуу. *Көптөн бери катташа албадык, айыл-апа аманбы?* («Ала-Тоо»).

**КАТТАШ II** **катта II** этишинин кош мамилеси.

**КАТТОО I** **катта** I этишинин кыймыл атоочу.

**КАТТОО II** **катта** II этишинин кыймыл атоочу.

**КАТТОО III** **катта III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТТООЧУ I** Бир нерсени эсепке алуучу, тизмеге, катка түшүрүүчү, каттап туруучу.

**КАТТООЧУ II** Келип-кетип, каттап туруу, катыш кылуучу. *Элемандын сырттаны Каттоочудан кат укту* («Эр Төштүк»). *Каттоочудан кат жазсын деп айттырып, Кийинчерээк ала бердиң мазамды* (Турусбеков).

**КАТТЫК** *диал.* Зыкым, колунан эч нерсе чыкпаган, сараң. *Кайрыры болбойт каттыктын, Сөзү элге жакпайт тантыктын* (Барпы).

**КАТТЫР** **кат III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТУУ I** 1. Катып калган, борпоң, жумшак эмес. *Коңторо чаап майдалап, Катуу жерин эриткен* (Осмонкул). *Ашыр көмүрдүн катуу катмарын оюп иштеп жатты* (Сасыкбаев). *Жыгачтын катуусунан жасалган аяк, кашыктарыңды бергиң жокпу* («Ала-Тоо»). 2. Оор, кыйын, кыйноо тарттырарлык, алсыратарлык. *Бир ай болду абакем, Оорусу катуу Кадырдын* («Мендирман»). *Атакеңдин башы ооруйт, Өлчөлүү жерим катуу ооруйт* («Эр Төштүк»). 3. Аябай, өткөрө, эң эле, өтө эле. *Мен сизге катуу уят болдум* («Ала-Тоо»). *Кабары катуу чыкты* («Чалкан»). *Ачуусу катуу келген экен* («Ала-Тоо»). 4. Бек, күч менен. *Эшик ачылып, катуу жабылды* (Сыдыкбеков). *Эл дүрүлдөп катуу күлүп жиберди* (Токомбаев). *Катуу чаппа, этин оорутасың* («Чалкан»). *Катуу кыйкырып, катуу ыйлап коркута албайсың балам, башка түшкөндү көтөрбөскө айлаң жок* («Ала-Тоо»). 5. Тез, ылдам, күү менен. *Шахтёр катуу чуркагандыктан, жалтырак асфальтка тайгаланып, көмөлөнүп да кетти* (Сасыкбаев). *Катуу келдим, Минген атым кара тер, Сүрдүү кең Түп, тайыз жериң, кайсы жер?* (Осмонов). *Арчатору буудан да, Ачуурканып камчыга, Ары-шын катуу керди эми* («Эр Табылды»). 6. Оор, орой, көңүл ооруткудай, капа кылгыдай. *Бардыгынан Татыбекке ушул катуу тийди* (Байтемиров). *Акырында атам катуу сөздөрүн айтуудан да тартынбады* (Жантөшев). *Бердибектин сөзү катуу айтылат* (Шамшиев). 7. Күчтүү, бекем. *Катуу шамал. Агымы катуу дарыя. Катуу толкун.* 8. Чыдамдуу, туруштук бере турган күчү бар. *Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу* (макал).

**КАТУУ II** **кат III** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТУУ АЙТУУ** Тил тийгизип, көңүлүн оорута айтуу.

**КАТУУ БАШ** Сараң, битир, зыкым, колунан эч нерсе чыкпаган. *Мен зыкыммын, катуу башмын* («Чалкан»). *Кыйын экен катуу баш, Карын майын жардырган* (Осмонов).

**КАТУУ** **кат IV** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТУУ КЕТҮҮ** Аша чабуу, чектен чыгуу, ченден чыгуу. – *О-о, бул жерден балам катуу кеттиң. Эстүү киши антип сүйлөбөйт* (Байтемиров). *Бу Кайрыдин экөөбүз чогуу окуган жолдош да элек, көп катуу да кетпейли* (Бердикеев). – *Өтө эле катуу кетип жаткан жокпузбу, эже? – деп сурады Төлөмүш* (Бердикеев). *Койсоңузчу апа, кээде ушинтип катуу кетмеңиз бар* (Егиналиев).

**КАТУУДАН КАЗАН, ЖУМШАКТАН КҮЛҮН КАЛТЫРБОО** Тыптыйпылын чыгаруу, жер менен жексен кылуу, быт-чытын чыгаруу. *Сен бул элдин катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырчу оюң барбы? – деди Чаки жасакерленип* (Ш.Үмөталиев). *Жер дүңгүрөткөн күчкө биригип, душманын кызыл уук кылып, катуудан казан калтырбады* (Көчкөнов).

**КАТУУЛА** 1. Жүрүшүн, кыймылын тездетүү, ыкчамдоо. *Катуулап жүрүшүнө караганда, шашылыш бир иш менен бара жаткан* (Турусбеков). *Катуулап жумуш кылууга, Кары-жаш тегиз умтулду* (Осмонкул). 2. Аябай күчөө, күчүнө алуу, кыйын боло баштоо, оордоо. *Шамал катуулап, жаан чапкындай баштады* (Жантөшев). *Алексеев оорусунун катуулап турганын билдиргендей кабагын чытып койду* (Жантөшев). 3. Бирөөгө катуу айтып, сезгидей мамиле кылуу, тил тийгизе айтуу. *Бригадир баягыдан катуулап отуруп «сен», «мен» дешкенге чейин бара турган болду* («Ала-Тоо»).

**КАТУУЛАН катуула** этишинин өздүк мамилеси.

**КАТУУЛАТ катуула** этишинин аркылуу мамилеси,

**КАТУУЛОО катуула** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТУУЛУК** 1. Нерсенин катуу экендиги, бектиги, катуу, бек экендигине байланыштуу сапаты. *Жыгачтын катуулугу. Жердин катуулугу.* 2. Адамдын туруктуулук, кайраттуулук, чыдамкайлык сапаты. *Катуулугуң болсо экен, Тереңден чыккан темирдей* (Токомбаев). 3. Сарандык, зыкымдык. *Катуулук кылып койдуң да, болбосо уулуңдан аяган дүнүйөң сени ажалдан ажыратып калмак беле* («Ала-Тоо»).

**КАТҮГҮН** *туурасы:* **катыгүн.** *Катүгүн! Эми шорубуз каткан турбайбы!* «Ала-Тоо»).

**КАТЧЫ** 1. Кат жазуу, бир нерсенин эсебин жүргүзүү, каттоо жумуштарын аткаруучу адам. *Мекедеги катчыга, Алты күлүк ат бердим* («Манас»). *Миңбашы кагазды өзүнүн катчысына узатты* (Абдукаримов). *Чакырды Бөкөй кат жаз деп Өзүнүн катчы молдосун* («Саринжи-Бөкөй»). *Бул жигит айыл өкмөтүнүн катчысы Райкомдун катчысы келди* (Элебаев).

**КАТЫГҮН** Өкүнгөндө, кайгырганда же катуу чочуп кеткенде колдонулуучу сөз. *Катыгүн! Эми эмне кылабыз?!*

**КАТЫГЫН БЕРҮҮ** Жазасын берүү, кадемин катыруу, тийишкен кишиге өзүнүкүнөн катуу сокку уруу *Катылган иттердин катыгын беребиз!* (Абакиров). *Анан жазмакей тоголонгон Молдонун катыгын берели* (Бейшеналиев). **В.: Катыгын колго берүү.** *Зөөкүрдүк жасап, көңүлдү кирдетсе, анын катыгын колго берүү керек* (Медетов). **Катыгын колуна берүү.** *Канкордун күлүн сапырган, Катыгын берип колуна, Тилегин таштай катырган* (Бейшеналиев). **Катылгандын катыгын берүү.** *Ошентип, Тайлак далай жолу катылгандын катыгын берген* (Бейшеналиев). *Сен тим эле катылгандын катыгын берчү кыз болгон турбайсыңбы* (Саатов). *Улугуна катылгандын катыгын берет* (Осмоналиев).

**КАТЫК I** 1. Жармага, көжөгө катыкталуучу айран, сүт, жуурат. *Байдын таягын жеп, айранын ичкенден көрө, жатакчылардын бири болуп, катыгы жок кара жармаңды ичип жүр* (Токомбаев). 2. Суюк оокат даярдоо, куурмачтоо үчүн жумшала турган эт, май.

**КАТЫК II** Жазасын берүү, сокку уруу, кадемин катыруу. *Пейли бузук душмандын, Берген эле катыгын* (Тоголок Молдо). *Тенти кээде жай сүйлөп эле катыгыбызды берип койчу* (Бейшеналиев).

**КАТЫК III** Ишке же жашоо-тиричиликке, кыйынчылыкка ж.б. такшалуу, кагылуу, токтолуу. *Жаман чапан кийгиздим, Катыгып адам болсун деп* («Эр Табылды»). *Өйдө-ылдый шартка көнө элек, катыга элек балага мындай милдетти тагып коюуга боло койбос* («Ала-Тоо»).

**КАТЫКТА** Тамакка катык кошуу, тамакты катык кошуп жасоо. *Атам шордуу сүт сурап, Катыктайт жарма кечинде* (Осмонкул). *Эт катыктаган ысык көжө ичип, өңүбүзгө чыга түштүк* («Ала-Тоо»).

**КАТЫКТОО катыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТЫЛ** 1. **кат III** этишинин туюк мамилеси. 2. Бирөөгө тийиштик кылуу, кол салуу, урушуу. *Өзүңөн чоң балдарга катылсаң, таяк жеп каласың, тентегим* («Жаш ленинчи»). – *Кана эмесе, кыйын болсоңор мага катылып көргүлөчү! – деди урушкандарга Карым* (Абдукаримов).

**КАТЫЛТ катыл** этишинин аркылуу мамилеси,

**КАТЫЛУУ катыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТЫН I кат III** этишинин өздүк мамилеси. *Жүгөн катын.*

**КАТЫН II** Аял, зайып («аял» деген сөзгө караганда одоноруок мааниде колдонулат). *Жакшы болсо катының, келип турат жакының* (макал). *Эбин таап кармаса, Үйдүн*

*көркү катында* («Мендирман»). – *Кадырлаш болсо өлгөнчө, Катындын көркү эр менен* (Токтогул).

**КАТЫН-КАЛАЧ** Жалпы эле аялдар (катындар). *Айылдагы катын-калач күндөгүдөй үйлөрүнө тынч алып отура алышкан жок* (Жантөшев).

**КАТЫНБААКЫ** Аял мүнөз, жүрүм-туруму аялга окшош, аял сымал. *Мен андай датканын мурдун көтөргөн катынбаакы уулу менен жай сүйлөшөм* (Жантөшев).

**КАТЫНДЫК** 1. Жоругу, мүнөзү жагынан катын экендигин билгизген, катынга тиешелүү болгон сапат. *Катындык кылып албууттанып кетпесин, абайлап мамиле кыл* («Ала-Тоо»). 2. Катындын абалы, катын экендик. *Катындыкка алуу.*

**КАТЫНПОЗ** *диал.* Аялга кароолук. *Өлүп кетсин ошол, катынпоз да ал.*

**КАТЫҢКЫ** Ичке, арык денелүү. *Маманазар орто бойлуу катыңкы кара жигит* (Жантөшев).

**КАТЫП КАЛУУ** Сестейип туруп калуу, нес болгондой бир орунда жылбай туруу. *Анын муунун майда калтырак басып, ордунан жылбай, турган бойдон катып калды* (Ашымбаев).

**КАТЫР I** 1. Катуу кылуу, каткан абалга келтирип кургатуу. *Шалбыраган, жаргак шымын күнгө жайып коюп катырган экенсиң* («Ала-Тоо»). *Катырган куруттарын жыйнап, энебиз эшикте жүргөн эле* («Жаш ленинчи»). 2. *өт.* Этинен түшүрүү, жүгүрө тургандай абалга келтирүү, таптоо, суутуу. *Кара кер атын атам чабышка салчудай таптап, катырып койгон* (Бейшеналиев). 3. *өт.* Талкалоо, таш-талканын чыгаруу, жазасын берүү. *Кармаганын катырган Балбан сыны бар экен* («Манас»). *Кадемин минтип катырды, Карыганда каңгыртып* (Тоголок Молдо). *Кара таандай калмактар Катырсын таштай тилегин* («Курманбек»). *Эсерлердин эңсесин катырып кожоюндарды колтукка согуш керек* (Сасыкбаев). 4. *өт.* Аябай мыктылоо, келиштирүү, жерине жеткирүү, окшотуу. *Үйдү катырган экенсиң! – деди Султан жаңы үйүбүздүн ары жак, бери жагын карап* («Ала-Тоо»). *Ошондо да сөзгө чечен жигит моюн бербей, катыра сүйлөп жатты.* («Чалкан»).

**КАТЫР II** Катуу нерсени чайнаганда же катуу зат менен сүрүп, жанчып майдалаганда качырап чыккан дабыш. *Кантты катыр-катыр эттире чайноо.*

**КАТЫРА** Катыр-катыр этүү, катыр эткен дабыш чыгуу. *Арпа чайнаган аттай болуп, оозунда кант катырайт да турат* («Ала-Тоо»).

**КАТЫРАҢ** Жемишинен май чыгарыла турган жыгач.

**КАТЫРАТ катыра II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жемди катырата чайнады.*

**КАТЫРМА** Ачыбаган камырдан жайылып, казанга же отко кактап бышырылган нан, калама. *Сейил калдайган чоң катырманы алып кирди* (Абдукаримов). *Отко кактalып турган жүгөрү катырмасын алып, дасторконго сындырып койду* (Абдукаримов).

**КАТЫРОО катыр I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТЫРТ катыр I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТЫРУУ катыр I** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТЫШ I** 1. Бири-бири менен катнашуу, катнаш кылуу мамилеси, келим-кетим, алдым-бердим байланыш. *Катышы жок Курманбек, Кашкардагы эл менен* («Курманбек»). *Биздин катышыбыз жок* (Бейшеналиев). *Кара кан кызы Каныкей, Катышкан экен бепбекер* («Манас»). *Келип-кетип катышсак, Айныбаска антташсак* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Тиешелүүлүк, кандайдыр бир байланышы бар экендик. *Менин маселемдин сиздин ишке кандайча катышы бар экенине түшүнө албадым* («Чалкан»). 3. Алыш-бериш кылган, катышкан адамдар. *Кудалар келип-кеткенден кийин катыштарын кешик ооз тийип кетүүгө чакырды. Айжаркындар биздин катышыбыз болот деди Ажар курбусуна* («Кыргызстан маданияты»).

**КАТЫШ II** Аралашуу, башкалар менен кошо аракет кылышуу, катнашы бар болуу. *Макиш тамашага катышып, кыргыздын ырын ырдаганда ал ого бетер телмирди* (Сыдыкбеков). *Жайкы оруп-жыюу ишине жигердүү катышкан жаштар тобунун иштери жөнүндө айтылды.*

**КАТЫШТЫР катыш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАТЫШУУ катыш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАТЫШУУЧУ** Кандайдыр ишке, мелдешке ж.б. катыша турган же кошо катышкан адам. *Спартакиаданын катышуучулары. Атай – кыргыз искусствосунун биринчи декадасынын катышуучусу* (Каимов).

**КАТЮША** *сөг.* Автомобилге орнотулган реактивдүү миномettун эл тарабынан коюлган аты. *От бүркүү катюшалар кыргын салып* (Үмөталиев).

**КАУЗ** 1. Көлчүк, кичирээк көлмө. 2. Жасалма көл. 3. Кудук. 4. Чөөт. *Кауз кылган көлү бар* («Манас» С.О.)

**КАУСТИК** Жегич щелочтордун техникалык аталышы.

**КАУХАР** Өтө кымбат баалуу асыл таш. *Кулагында кыздардын күйгөндөй каухар сыргасы* (Үмөталиев). *Сабагына шакектин Каухардан салып кырдаткан.* («Мендирман»).

**КАУХАРДАЙ** Өтө көркөм, кооз. *Көз*

*уялткан каухардай, Жылтылдайсың кыздар, ай* (Нуркамал). *Метро каухардай болуп жалт-жулт этет* (Байтемиров).

**КАУЧУК** Айрым тропикалык өсүмдүктөрдүн сүт сыяктуу суюктугунан алынуучу же жасалма жол менен заводдон иштелип чыгарылуучу солкулдак, серпилгич зат (резинаны жана резинадан жасалуучу буюмдарды даярдоо үчүн колдонулат). *Синтетикалык каучук.*

**КАФЕ** Кофе, чай, ичип, тамактанууга боло турган кичинекей ресторан. *«Соң-Көл» кафеси. «Ала-Арча» кафеси.*

**КАФЕДРА** 1. Дарс окуу, баяндама жасоо, ар түрдүү кабарларды дарсканага (элге) айтып берүү, элдин алдына чыгып сүйлөө үчүн жасалган бийик орун. *Кафедрага чыгып сөз сүйлөө. Кафедрада сүйлөп жаткан баяндамачы.* 2. Жогорку окуу жайларында белгилүү бир илим же бири-бирине тыгыз байланыштуу болгон бир нече илим боюнча сабак берүүчү профессорлордун жана окутуучулардын бирикмеси, бөлүмү. *Кыргыз адабиятынын кафедрасы. Философия кафедрасы. Кафедра башчысы.*

**КАФЕЛЬ** Үйдүн же башка курулуш жайлардын дубалдарын, полдорун ж.б. каптоо үчүн колдонулуучу керамикалык плиткалар.

**КАФЕЛЬЩИК** 1. Кафель чыгаруучу уста. 2. Кафель жабыштыруучу, коооздоочу.

**КАФЕТЕРИЙ** Кафенин бир түрү.

**КАЧ** 1. Жеткирбөө, алыстап кетүү, кутулуу үчүн аракет кылып жүгүрүү, карматпоонун аракетин кылуу. *Бокин офицерлерди Суук-Белди көздөй ээрчитип алып чыгат да, аларды бөтөн жолго салып жиберип, өзү качып кутулат* (Баялинов). *Ар каяктан ар каякка баш аламан, Качып барат калкайык каратаман* (Гапаров). *Айсулуу карап туруп арт жагынан, Бир кезде алма менен уруп качты* (Үмөталиев). *Ат байлоодон качкан окшойт* (Байтемиров). 2. Көрүнбөй, билинбей калыш үчүн бир жакка кетип калуу, жашырынуу, жанына жолобоо, жакындабоо, оолак жүрүү. *Элден качып жүрүп оокат кыла албаган душмандар айыл арасына жакындоонун аракетин кылышты* («Ала-Тоо»). *Бекерчиден безе кач, Ушакчыдан көчө кач* (Токтогул). *Жанымдан качтың жолобой, Уктуңбу, ушак, жалкоо деп* (Маликов). 3. Тартынуу, чегинүү, батына албоо. *Айтышып калган жериңден, Акылың болсо качпагын* (Токтогул). *Кайра тартып качпаган, Кажыбаган шашпаган* («Манас»). 4. Мурдагы калыбынан азаюу, басандоо, жок боло баштоо. *Уйкусу качты. Эти качты. Кубаты качты.* 4. Букадан чыгуу (уйга карата гана айтылат). *Уй букадан качты. Букадан качкан кунаажын.*

**КАЧААГАН качанаак** менен бирдей. *Бул көк ат оңбогондой безме качааган* (Жантөшев).

**КАЧААНАК** *туурасы:* **качанаак.**

**КАЧАГАН качанаак** менен бирдей. *Бар качаган кутулбас, жок качаган тутулбас* (макал).

**КАЧАК качкын** менен бирдей. *Жедеп качак болуп бүткөн жан экенсиң да, эмнеден коркосуң?!* («Ала-Тоо»).

**КАЧАН** Кайсы убакта, кайсы мезгилде кайсы маалда. *Мендешим качан келет деп, Тартып жүрдүм убайым* («Мендирман»). *Мени белгисиз калтырбасын, качан болсо да сөөгүмдү Кетмен-Төбөгө алып кетишсин* (Токомбаев). *Качан мында келдиңиз? Кайда болот элиңиз* («Манас»).

**КАЧАНААК** Кишиден качкан, кишини жакын жолотпогон, карматпай качкан, качкын. *Качырып чалма салганда, Калтырады качанаак* (Осмонкул).

**КАЧАНАК качанаак** менен бирдей. *Минген атың тың болсо, Чарчаган жерде титиреп, Мойнун тосот качанак* (Осмонкул).

**КАЧАНГЫ качанкы** менен бирдей. *Толукшуп жаткан Канчоро, Өз жомогун айттырып, Качангы жинин кагайын* («Сейтек»).

**КАЧАНДАН качантан** менен бирдей. *Качандан берки сагынычын таратып алышты.*

**КАЧАНДЫР качан** дегендин белгисиз ат атоочу. *Качандыр бир кезде ойго келе турган иш эле, аны унутуп коюшка мүмкүн эмес болучу* («Ала-Тоо»).

**КАЧАНКЫ** 1. «Качан болгон», «кайсы мезгилдеги» деген мааниде. *Качанкы иш экенин билиш керек. Бул качанкы окуя эле?* 2. Көптөн берки, небактагы, мындан көп убакыт мурдагы. *Качанкыны айтып отурасың, ыя?* (Сыдыкбеков). *Качанкы чечилбеген сырды угууга калайык жабылып кулак түрдү* (Бөкөнбаев). *Капка ташка токтоду, Капа болуп ошондо, Качанкы дартын козгоду* («Эр Төштүк»).

**КАЧАНТАН** Кайсы убактан, кайсы мезгилден, кайсы маалдан. – *Сен аны качантан бери билбей калдың?* (Байтемиров).

**КАЧАРМАН качанаак** менен бирдей.

**КАЧКЫ** 1. **качанаак** менен бирдей. *Хан Дөлөндүн тулпары, Качкы болгон Карала* («Курманбек»). 2. Иштен качкан, жалкоо, иштөөгө, оокат кылууга мойну жар бербеген. *Качкы болот кай акмак, Кара чака таба албай* (Токтогул). 3. Кыйынчылыкка чыдай албаган, кайраты жок, жалтак, коркок. *Бакандашып салышса, Качкы сыны бар экен* («Манас»).

**КАЧКЫН** 1. Кандайдыр бир себеп менен жер которуп качып жүргөн, качып келген киши. *Турпандан келген качкынды, Тургузбай айдап соттоду* (Тоголок Молдо). *Шашканынан качкындар малынын көбүн таштап кетти* (Элебаев). 2. Аскерлик милдетин аткаруудан баш тарткан, армиядан качып жүргөн киши.

**КАЧМА ТОП** Балдар оюну, балдар эки топко бөлүнүшүп таяк кармашып, кайсы топтун өкүлү анын учун кармаса, оюнду баштап, топту чабуу укугун алат.

**КАЧУУ кач** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЧЫК** Жакын эмес, аралары алыс, оолак. *Бул сыяктуу тумандаган ойлордон Дарыяхан да качык эмес эле* (Жантөшев). *Тыңшагын, татынакай ашык жигит, Иш менен сөз ортосу качык жигит* (Токомбаев). *Кокусунан! Үзөнгүсүн кагыштырып алгандар өзүн-өзү сөгүп, биринен-бири качык бастырууга тырышат* (Жантөшев). *Жаш адамдын калпычылык, арамзалык, жан бактылык сыяктуу жаман адаттардан качык болгону өз келечеги үчүн пайдалуу* («Кут билим»). *Көптөн бери качык тартып, мага бой салбай калдың* («Ала-Тоо»).

**КАЧЫҢКЫ** Жакын жолобогон, жакындабаганга аракет кылган, оолактаган, тарткынчыктап турган.

**КАЧЫҢКЫРА** Жолобоого, жакындабоого аракет кылып, оолактап калуу, тарткынчыктоо, качкансып калуу.

**КАЧЫР I** Эшек менен жылкыдан бүткөн аргын. *Үй айбаны. Кербендер көбүнчө төөдөн, качыр менен эшектен куралат* (Абдукаримов). *Кериги бар, пили бар, Качыры бар, төөсү бар* («Манас»).

**КАЧЫР II** 1. **кач** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Кол салуу, тиш салуу. *Түпөктүү найза булгалап, Тик качырып жөнөдү* («Курманбек»). *Каман качырып сала берерде мына ушул ташка чыга качып, араң дегенде кутулган экен* («Ала-Тоо»). *Ити качырып калганда, үйдүн ээси чыга калып, бизди куткарып, үйүнө киргизип алды* («Ала-Тоо»). 3. Белгилүү бир багытка карай бет алуу, бир нерсеге умтулуу, аракет жасоо. *Тилин салып акактап, Көлөкө жерди качырат* (Тоголок Молдо). *Тамак турса, аракка карай качырган эрлерден эле* («Чалкан»). 4. Колдон чыгарып жиберүү, ажырап калуу. *Жок качырып элимден Суроо салып келемин* («Семетей»). *Биз бир муңдуу бечара, Шумкарын колдон качырган* («Мендирман»). 5. Бир жакка билгизбей жөнөтүп жиберүү, жашырын түрдө жөнөтүү. *«Кызды жеңеси качырып жиберген тура деген кеп айыл ичине толук тараптыр* («Ала-Тоо»). *Кулүйпаны мага качырып бериңиз* (Маликов).

**КАЧЫР III** Катуу нерсе сынганда же бири-бирине катуу сүрүлүп, өйкөлүп, козголуп калганда чыккан дабышы. *Катуу шамалда боз үйдүн уук-керегелери качыр-качыр эте баштады* («Ала-Тоо»). *Эшикти качыр эттире катуу жаап, дабыш сала кирип келе жаткан адамга үйдөгүлөр кулак түрүп калышты* («Ала-Тоо»).

**КАЧЫРА** Качыр этүү, качыр эткен дабыш чыгуу. *Шамал күчөп күрүлдөдү, Үй качырап калтырайт* (Токомбаев). *Ууктары шагырап, жаман керегелери качырап сынып жатты* (Байтемиров). *Качырап карагайлар жатты сынып* (Үмөталиев).

**КАЧЫРАТ качыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАЧЫРОО качыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЧЫРУУ качыр II** этишинин кыймыл атоочу. *Революционерлерди качыруу үчүн туткундар арасында алда качан эле кеңеш болгон* (Жантөшев).

**КАЧЫРЫШ** Бири-бирин качыра бет келүү, беттешүү. *Баатыр Экез, Курманбек, Качырышып бет келди* («Курманбек»). *Качырышкан душмандан Кайра тартып качпагын* (Осмонкул).

**КАШ I** 1. Көз чанагынын үстү жагына кыйгачтана өскөн кыска кылдуу тилке. *Кыйгач каш. Кыйма каш. Керме каш. Адамдын сыны наз менен, Маңдайдын сыны каш менен* (Токтогул). *Каштарың карлыгачтын канатындай, Болбосо кадимки эле жаңырган ай* (Токомбаев). 2. *өт.* Нерсенин жаны, жакын жери, бет алды жагы, мандайы. *Жаралуу болуп мен жаттым, Багып турдуң кашымда* («Эр Табылды»). *Эр Конокбай балбаны Эр Төштүктүн кашына Дароо келип калганы* («Эр Төштүк»). *Бирден-экиден көмөч нандарын тасмага орошуп, иш кашына энелер келишти* (Сыдыкбеков).

**КАШ II** Ээрдин тизгин, чылбыр илүүчү астыңкы жана тегерек формада болгон арткы бөлүгү. *Ажырашар дос ээрдин арткы кашын сурайт* (макал). *Жылкычы шадылуу жоон манжалары менен тизгинин ээрдин кашына бек кыстарып, балдардын жанына келди* («Жаш ленинчи»). *Казысы кашка салынып, Ийнине ченин тагынып* (Токомбаев).

**КАШ III** Түр, кооздолгон оюу. *Капталына каш салып, Канатына таш салып* (Дүйшеев).

**КАШ БЕЗИРИ** 1. Кандын, падышанын башкы акылчысы. 2. Жеке катчы, өз катчысы. *Таажы салып башына Каш безири болуптур, Эр Манастын кашына* («Манас» С.О.).

**КАШ-КАБАГЫН АЧПОО** *к.* **кабагын бүркөө.**

**КАШ-КАБАГЫН БАГУУ** Астыртан, тымызын байкоо салуу. *Аңгеме тутана албай, улуулар жагы бири-биринин каш-кабагын багып, күймөлө түшүштү* (Укаев). **В.: Каш-кабагын байкоо.** *Көпту көргөн киши эмеспи, жигиттин каш-кабагын байкаштырыш үчүн акырын кеп баштады* («Ала-Тоо»).

**КАШ-КАБАГЫН БҮРКӨӨ** *к.* **кабагын бүркөө.**

**КАШ-КАБАГЫНА КАРОО** *к.* **кабак-кашына кароо.**

**КАШ-КАБАК кабак** менен бирдей.

**КАШ-КАБАКТЫН АСТЫНДА** Көз

алдында, жанында. *Кайдуулат эми каш-кабагым астында го* (Бейшеналиев).

**КАШ-КАБАКТЫН ОРТОСУНДА** Күтүлбөгөн жерден, бир заматта, көз ачып жумганча, тез эле. *Өлүм деген каш-кабактын ортосунда эле турбайбы* (Сыдыгалиев). *Айтор кырсык деген каш-кабактын ортосунда белем. Санжар тиши ооруп тамак тата албай калды* (Сыдыкбеков). *Ажал деген каш-кабактын ортосунда экен* (Ш.Үмөталиев). *Чын эле өлүмбү же азаппы, айтор, бул окуя каш-кабактын ортосунда болду* (Мырзаев). **В.: Каш менен кабактын ортосунда.** *– Бизде өлүмдү каш менен кабактын ортосунда дейт, өлтүрсө – өлтүрөт* (Абдукаимов). *Көрсө, табияттын кырсыгы каш менен кабактын ортосунда тура* (Кушубеков).

**КАШ КАГУУ** Белги берүү, ишарат кылуу. *Бактысына чиренип турган хан күйөө: «Жаның барбы? Ырда!» дегендей каш какты* (Көчкөнов). *Койчу жигиттердин бирин каш кагып азгырат* (Абакиров).

**КАШ КАЙТАРБОО** Кебелбөө, тоготпоо, кенебөө, былк этпестен, эч нерсеге назар салбастан. *А өрөөндүн терең кары али оор, каш кайтарбайт ко* (Өмүрбаев).

**КАШ КАЙТАРУУ** Каршылык кылуу, тең тайлашуу, кыр көрсөтүү. *Улам бир балага өнөрүн көргөзүп жүргөн бул экөөнө каш кайтарган эч ким болгон жок* (Өмүрбаев). **В.: Каш кайруу.** *Силердин ичиңерде аларга каш кайрар кимиңер бар?* («Кыргызстан маданияты»).

**КАШ КАККАНЧА** Көз ирмемде, көз ачып жумганча. *Кирпик ирмеп, каш какканча көгүлтүр көлдөй асманда карарга жылдыз жок калды* (Станалиев).

**КАШ КАРАЮУ** Күүгүм кирип, көз байлануу, караңгы түшүү. *Каш карайып, күн батты, Жылдыз толуп, эл жатты* (Токтогул). *Кадырбек менен Асан каш карайганда аттары да, өздөрү да сүй жыгылып, куру кол кайтышты* (Абдукаимов). *Каш карайганда кызы чырак жагып, атасын мейманканага киргизет* (Жигитов). *Каш карайып, эл орунга отурган маал* (Исмаилов). *Каш карайып кеч кирди* (Борбиев).

**КАШ-КИРПИГИ БУЗУЛУУ** Мүнөзү, кыялы, кылык-жоругу терс жагына өзгөрүлүү. *Аны укканда, Көкүмбайдын каш-кирпиги бузулду* (Бектенов).

**КАШ СЕРПҮҮ** Кашын кагуу, көтөрүү. *Даша Ашырды көрө коюп, кашын серпип, чекесин жыйрып алды* (Сасыкбаев).

**КАШ ТАРТУУ** Суу жайылбаган дөң, тегиз эмес жерлерди сугаруу үчүн кыр тартуу, каштоо.

**КАШАА** 1. Жыгачтан же чырпыктан согуп жасалган тосмо. *Жыгач кашаа. Чырпык кашаа. Асылкан короонун оозуна калкалаган кашааны алып койду* (Бектенов). *Анчалык алыс бастырбай эле жанында кашаа кармалган короосу бар боз үйгө түш келдик* («Ленинчил жаш»). 2. Белгилүү түшүнүктүн алдына же артына коюлуучу жарым-жартылай ийилген, чарчы же болбосо фигуралуу тыныш белги, ошондой эле формадагы математикалык белги. *Кашаа ачуу. Чарчы кашаа.*

**КАШАБА карышкыр** менен бирдей. *Кашаба жайма-жай басып, кырдан ылдый түштү* (Каимов).

**КАШАЙ** 1. Сокур болуу, көрбөй калуу. *Кара жерге төгүлүп, Кашайды көздүн карасы* («Курманбек»). *Бирок боз ингенди өгүнү бирөө көзгө чаап жиберген экен, оң көзү кашайып калды* (Өмүрбаев). *Жайында болот го бир шайтан көпөлөк. Ал күндүз кашаят да, түнкүсүн көрөт* (Шүкүрбеков). 2. Шору катуу, ойрону чыгуу, азап тартуу, кырсыктоо. *Кашайып отуруп калбадыбы бечара эне* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Өз билгенин бербей кежирленүү, кыйыктануу, айтканынан кайтпоо. *Сагынаалы өзү жөнүндө кашайып эчтеке айткысы келбеди* (Сасыкбаев). *Албаң эки дүйнөдө жүзүңдү карагыс болуп, топурагымды түйүп берем! – деп, кашайып туруп алды* («Ала-Тоо»). *Сатымкул таптакыр кашайып койду, келмек түгүл, кайра нары басты* (Касымбеков).

**КАШАЙТ кашай** этишинин аркылуу мамилеси. *Каарданган Көкдөөнүн Кашайта көзүн оюп кет, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**КАШАК** Сокур, олок.

**КАШАЛОТ** Кит түркүмүнө кирүүчү, деңизде жашоочу ири сүт эмүүчү жаныбар.

**КАШАҢ** Тез жүрө албаган, кыбыр, кыймылы жай, ыкчам эмес. *Колундагы сынык сабоо менен кашаң тору атты улам карс эттире бир чаап келатты – Ажар* (Жантөшев). *Мөкүш өтө кашаң кыймылдайт* (Таштемиров). *Бурма кара чымчык бар, Бир жеринде кара жок, Учканы кашаң жайма-жай* (Каралаев).

**КАШАҢДА** Кашаң тартуу, кыймылы, аракети жайлап калуу, басандай түшүү. *Чакан араба араң өтчү көпүрө элди батыра албай, кыймыл кашаңдай берди* («Ала-Тоо»). *Кашаңдап калган Салтанат, Беттерин чымчып уялган* (Бөкөнбаев).

**КАШАҢДАТ кашаңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүрүшүн кашаңдатпай, айдасаң аттарды* («Ала-Тоо»).

**КАШАҢДОО кашаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КАШАҢДЫК** Кашаң экендик, кашаң тартып, кыбырап калгандык. *Атымдын кашаңдыгы болуп калды да, болбосо куткарбайт элем* («Ала-Тоо»). *Кашаңдык кылып чегинбей, Кайнап чыккан эмгектен* (Осмонкул).

**КАШАР** Мал (көбүнчө кой, эчки) багылуучу жылуу короо. *Бул күндө жайлоолордо, төрлөрдө миңдеген кой-эчкилүү кашар-*

*лар бар. Кашар ээси айылга түшпөйт, өнөө бою отурганы отурган.*

**КАШАТ** 1. Шымдын, дамбалдын, юбканын белге келүүчү жери, ычкыр, кур байлануучу жээги. *Сапар чыптаны шымынын кашатындагы чөнтөкчөгө бапестеп бүктөп катты* (Бейшеналиев). *Бермет көйнөгүнүн этегин ычкыр кашатына кыстарып коюптур* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Суунун, өзөндүн, арыктын жээги. *Алымкул арык-чөнөктөрдүн кашатынан оруп койгон чөбүн да тамынын башына үймөктөдү* (Абдукаримов). *Заңгелдей зор ташты бат эле кашатка оодара салды* (Сыдыкбеков). *Чүй суусунун тоо жакка кашаты бийик келген кырка жар эле* (Сыдыкбеков).

**КАШАТТА** Кашатты бойлоо, кашат менен жүрүү, кашатты кыркалай басып өтүү. *Кашаттап жүрүп отурдук.*

**КАШАЮУ кашай** этишинин кыймыл атоочу.

**КАШЕК I** Каалга, терезелердин кырка жээктерине туура келтирип, аларды бекитүү, ачып-жаап туруу үчүн ылайыктап жасалган алкак. *Эшиктин кашеги. Самара терезенин кашектерин сырдады.*

**КАШЕК II** 1. Чөптүн мал жегенден кийинки калдыгы, иргелип калган катуу сөңгөгү. *Ал чөбүн аттарына берип, кашектерин үйларга салып коёт* («Ала-Тоо»). 2. Өтүкчүлөрдүн, тигүү ишинде иштеген башка кесипчилердин ар кандай таштандылары, кесиндилери, өөндөрү. 3. *диал.* Тоют үчүн камдалган чөп.

**КАШЕКИ** *диал.* Начар, чабал, сапаты төмөн. *Кашеки кой. Кашеки чыт. Алима эже былтыркы кашекилерден (кургатылган өрүктөн) алды* (Абдукаримов).

**КАШЕКТЕ** 1. Чөптүн, беденин ж.б. майдасын, жумшагын жеп, сөңгөгүн, кашегин калтыруу, кашек чыгаруу. 2. *өт.* Керексиздерин бөлүп чыгаруу, бөлүп таштоо.

**КАШЕКТЕЛ кашекте** этишинин туюк мамилеси.

**КАШЕКТЕТ кашекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАШЕКТӨӨ кашекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КАШЕМИР** 1. Жүн же жүн аралаш жиптен токулган кездеме. 2. Ушундай кездемеден тигилген кийим.

**КАШКА** 1. Малдын же башка айбандардын маңдайындагы ак тилке, ак так. Жээрде кашка. Кула кашка. Кызыл кашка. Кара кашка. Сопол куйрук жээрде кашканы жайдак минген бирөө чоң көк атты кууп баратат (Жантөшев). Дөңдөн туруп, эркек кашка торпогун: – Зоя! Зоя! Зоинкалап чакырат (Осмонов). 2. Чачы жок, жылмакай, тасыракай. Саат он бир болгон учурда чап жаак, кашка баш картаң адам жалгыз калды (Убукеев). 3. Тунук, таптаза, кири жок. Шылдырап агып жаткан көк кашка булактар («Ала-Тоо»). Сүр чучук, муздай кашка жал, жаясы, Түпкүрдө дарт атасын сууругандай (Осмонов). Чоң сайдан суу чыгарган тунук кашка (Үмөталиев). 4. тар. Уруу башчысы, уруунун жол баштаган акылманы, көсөмү. Өңчөй казак кашкасы. Бир Көкчөдөн башкасы («Манас»). 5. *өт.* Өткүр, тартынбаган, тайманбаган. Акундун кызы Айчүрөк Кереметтүү кашка эле («Семетей»). Кырк кылымдан чыккан көй кашка («Манас» С.К.). Өз эркинче кашка өсүп, Көй кашкалар баарың бил («Манас» С.О.). 6. Уялбаган, ийменбеген (көбүнчө жаш келиндер жана кыздар жөнүндө). Келиндин кашкасы. 7. Жибек кездеменин бир түрү. Жаркылдаган кашка тон, Жарашыктуу барча тон («Эл адабияты»).

**КАШКА БАШ** 1. Маңдай чачы жок, тасырайган. 2. Куу, бышкан, дасыккан, акылдуу.

**КАШКА ЖИЛИК** Жамбаш менен жото жиликтин ортосундагы томуктуу жилик.

**КАШКА ЖОЛ** Чөп баспаган, киши көп каттаган даңгыр жол.

**КАШКА ТИШ** Маңдайкы чоң тиштер. *Кашка тиши кадоодой* («Манас»).

**КАШКАЙ** 1. Аппак, таптаза, туптунук болуу, жаркырап туруу. *Кашкаят тоо үстүнөн батыш тарап, Манаттай кызгылт тартып асман бети* (Абдыраманов). *Керүүсүндө жаткан мал, Кашкайган тунук суулары Атырылып аккан шар* (Токтогул). *Маңдай тиштерин кашкайтып, жарк этип койгону эле менин көңүлүмдөн кетпей калчу* («Ала-Тоо»). 2. Бадырайып ачык, даана болуп көрүнүү. *Дөбөгө чыгып карасаң, биздин айыл кашкайып, алаканга салгандай көрүнүп турар эле* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Жүзү жарык, жайдары көрүнүү, ачык-айрым көрүнүштө болуу. *Кашкайып эл ичинде аман-эсен болгонубуз эле олжо эмеспи* («Ала-Тоо»). 4. *өт.* Тартынбай, ийменбей ачык айтуу жазганбоо, тайманбоо. *Эч кимди көзүнө илбей кашкайып туруп айткан кебин кара* («Ала-Тоо»).

**КАШКАЙТ кашкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КАШКАЛДАК** Маңдайында жүнү жок (кашка тилкеси бар), тумшугу ак, сууда жашоочу жапайы канаттуу. *Эчки маарак, кашкалдак, Ызгыт менен ак чардак* (Тоголок Молдо).

**КАШКАЛЫК** Жазганууну, ийменүүнү билбестик, тайманбастык, тартынбастык. *Жылас болгон жеңеңдин, Кашкалык түрү көрүнөт* («Сейтек»).

**КАШКАНДА** Бирөөнөн жазганбай, тартынбай тастандоо, тайманбоо, уялбоо. *Тиги кашкаңдаган карабет, Шооруктун кызы Акылай* («Манас»).

**КАШКАЮУ кашкай** этишинин кыймыл

атоочу.

**КАШКӨЙ** Уятсыз, тартипсиз, ыймансыз (көбүнчө жаш келиндерге карата).

**КАШКӨЙЛҮК** Уятсыздык, ыймансыздык. *Кашкөйлүгүң карматып, Каршылык кылба сөзүмө* («Семетей»).

**КАШКУЛАК** Суусар тобуна кирүүчү, ичке тумшуктуу, буттары кыска, денеси жумуру, узун кылчык жүндүү жапайы айбан. *Кирпи чечен, кашкулак, Келе жатат килеңдеп* («Манас»). *Кашкулактын майынын суук тийгенге, жөтөлгө дарылык пайдасы бар.*

**КАШКЫР** *туурасы:* **карышкыр.**

**КАШМИР** Молдолордун амалдуу дубалары.

**КАШНЕ** Моюнга оронуучу жоолук, моюн орогуч шарф.

**КАШОО** Согуш чеби. *Кашоого жакын барды эми* («Манас»).

**КАШТА** Дөң, тегиз эмес жерге суу чыгаруу, суу жаюу үчүн каш тартуу, кырдап, каш тартып сугаруу.

**КАШТАН** 1. Жаңгак сыяктуу жемиш берүүчү мөмө дарагы. 2. Ушул дарактын желе турган жемиши, мөмөсү.

**КАШТУУ** Кашы калың өскөн, кашы коюу. *Каштуу келген кара тору жигит кеп салып калды* («Ала-Тоо»).

**КАШУУ** **кашы** этишинин кыймыл атоочу.

**КАШЫ** Кычышкан жерин сүргүлөө, сүрүү, тырмоо. *Жума желкесин кашып тим болду* («Ала-Тоо»). *Карыялардын бири ээгин көрсөтүп, бапыйган сакалдын астын кашыган болот* (Сыдыкбеков). *Аттар чымын-чир-кейден ылаалап, мурундарын бышкыртып, токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов).

**КАШЫК** Тамак-аш сузуп ичүүгө же бир нерсени сузуп алууга ылайыктап жыгачтан же металлдан жасалган үй буюму. *Жыгач кашык. Калай кашык. Күмүш кашык. Чай кашык. Сыр кашык.*

**КАШЫК ДА МАЙ, ЧӨМҮЧ ДА МАЙ** Кененчилик, токчулук, молчулук, береке кирип, тамак-аш жетиштүү болуп калган абал. *Адам экен го деп эл да ыраазы: кашык да май, чөмүч да май* (Егиналиев). *Баягы тору бээни көтөрүп урдук, достугубуздун урматына, кашык да май, чөмүч да май, пай-пай-пай* (Медетов). **В.: Кашыгы да май, өтүгү да май.** *Дагы жарды немелер кашыгы да май, өтүгү да май болуп, күнүгө мал союлуп, барбаңдап мейман күтүп калышты* (Касымбеков).

**КАШЫК КАНЫ КАЛГАНЧА** Өмүрүнүн акырына чейин, бардык мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, аргасы түгөнгөнчө. *Кармашамын кашык каным калганча* (Осмонкул). *Кашык каным калганча айтканыңызды айткандай аткарам* (Жантөшев). *Алар менен эми кашык каным калганча салгылашам* (Өмүрбаев).

**КАШЫК КАНЫН АЯБОО** Бардык күчүн, бүт мүмкүнчүлүгүн сарптоо, эч тартынбоо, бүткүл күчүн жумшоо. *Калкынын ысык-суугуна кашык канын аябастан кажыбай түтүш керек* (Көчкөнов). *Бел байлаган кармаштан баш тартпас, кашык канын аябас Токтогулун камандарга чалдырбай, коргоп каларын билдиришти* (Бейшеналиев). **В.: Кашык канын берүү.** *Мен сага кашык канымды берүүгө даярмын* («Ала-Тоо»).

**КАШЫК КАП** Кашык салуучу, көркөмдүк үчүн бир жак бети сайма, оймо-чиймеленип, коодолуп, көбүнчө кийизден, тардан жасалган чакан буюм.

**КАШЫКТА** Кашыкка салып өлчөө, ченөө, кашык менен куюу, сузуп алуу, ичүү. *Кашыктап ченөө. Колунда бар болгонун тоноп алып, Кашыктап жүргөн киши сууну сатып* (Шамшиев).

**КАШЫКТАП ЖЫЙЫП, ЧӨМҮЧТӨП ЧАЧУУ** Дүнүйөнү, мал-мүлктү аз-аздан, кичинеден жыйнап алып, эсеби жок ысырап кылуу, көп-көптөн жогото берүү. *Атасынын кашыктап жыйнаганын, баласы чөмүчтөп чачты да, бир жылдан соң көктү карап калды* («Ала-Тоо»).

**КАШЫКЧЫ** Кашык чабуучу, кашык жасоочу уста. *Салижан деген кашыкчы абышканы таптым* (Жантөшев).

**КАШЫЛА** 1. Кычышкан жерин кайра-кайра кашуу, кашый берүү. *Актан топусун ала коюп, башын кашылап, нааразы болгон балдарды карады* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Четинен аз-аздан алуу, кичинеден ала берүү, кемиктеп отуруу. Эптеп сурамжылап, каржылап чогултуу. *Ар кимден кашылап жүрүп тапкан биртике оокатыбызды өгүзгө артып, айлыбызды карай жол тарттык* («Ала-Тоо»).

**КАШЫЛОО** **кашыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КАШЫН** **кашы** этишинин өздүк мамилеси.

**КАШЫН КАГУУ** Кылыктануу, кызыктыруу, көңүлүн тартуу (аялдарга карата).

**КАШЫШ** **кашы** этишинин кош мамилеси.

**КАЮТА** Кеменин экипажы жана жүргүнчүлөр үчүн же ар кандай иштерди жүргүзүү үчүн ылайыкталып жасалган бөлмөсү. *Мен да кетем каютада отуруп* (Турусбеков).

**КАЮУ** **кайы II** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЯ** Тукум мүчөсү, калта.

**КАЯК** Кайсы жак, кайсы жер, кайсы багытка карай. *Короз каякка качар экен?* (Каимов). *Келсем жоксуң үйүңдө, Каякка кеттиң эстебей* (Маликов).

**КАЯША** Бирөөнүн суроосуна, талабына, айткан кебине каршы терс айтылган жооп, сөз. *Энесине эркелеп, атасына каяша айткан баланын келечеги эмне болмок* («Ала-

Тоо»). *Алардын арасында каяша сөз айтуу жок* (Жантөшев). *Каяша кылбаганды эси жок дебегин!* (Байтемиров).

**КАЯШАЛАШ** Бири-бирине каяша айтышып керишүү, бириникин бири жактырбай кажашуу.

**КАЯШАЛАШУУ каяшалаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КАЯШАЛУУ** Каяша түрүндө айтылган, каяшасы бар. *Каяшалуу кебиңе Кабыргалар сөгүлдү* (Үсөнбаев).

**КАЯШАЧЫЛ** Каяша айтма адаты бар, каяша берип турма. *Каяшачыл киши.*

**КАЯШАЯК каяша** менен бирдей. *Каяшаяк бергендин, Куйкасын бөлө тилгенде* («Манас»).

**КВАДРАНТ** 1. *мат.* Тегеректин төрттөн бир бөлүгү. 2. Замбиректи жашыруун позициядан атуу үчүн так түздөөчү прибор.

**КВАДРАТ** 1. Тең жактуу төрт бурчтук, чарчы. 2. *мат.* Санды өзүн өзүнө көбөйтүүдөн келип чыккан көбөйтүндү (сан).

**КВАДРАТТА** Квадрат формасына келтирүү, квадрат сыяктуу кылуу.

**КВАДРАТУРА** Квадрат бирдиктери менен эсептелүүчү аянттын өлчөмү. *Бөлмөнүн квадратурасы.*

**КВАЛИФИКАЦИЯ** 1. Адамдын белгилүү бир кесипке же жумушка жароо же ошого жөндөмдүүлүк даражасы. 2. Кесип, адистик.

**КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ** Жогорку квалификациясы бар. *Квалификациялуу адис. Квалификациялуу жумушчу.*

**КВАНТ** *физ.* Кандайдыр бир энергиянын эң кичине өлчөмү. *Жарык энергиясынын кванты.*

**КВАРТАЛ** 1. Жылдын төрттөн бир бөлүгү (үч ай). *Үчүнчү квартал. Квартал үчүн отчет берүү.* 2. Төрт тарабы бири-бири менен кесилишкен көчөлөр же көчө менен аянттар аркылуу чектелип турган шаар бөлүкчөсү. *Кварталдын башынан аягына чейин китеп базары ачылган* (Сыдыкбеков).

**КВАРТЕТ** 1. Төрт музыкалык аспап же төрт үн үчүн жазылган музыкалык чыгарма. 2. Төрт аткаруучудан (ырчылардан жана музыканттардан) турган ансамбль. *Вокалдык квартет.*

**КВАРТИРА** (батир) 1. Турак үйдүн бир же бир нече бөлмөдөн, ашканадан турган жана коммуналдык шарттары бар бөлүгү. *Үч бөлмөлүү квартира. Алтымыш квартирадан турган турак үй.* 2. Жалпы эле турак үй, адам жашоочу жай. *Чебековдун квартирасы колхоз конторасынан бир жарым квартал аралыкта эле* (Убукеев). 3. Убактылуу жашай туруу үчүн бирөөгө берилген бөлмө же үй. *Биздин кошуналарда квартирада турган студент сизби?* («Ала-Тоо»). 4. Калк жашаган пункттардагы аскер бөлүктөрү жайгаштырылган жай, орун. *Кышкы квартирага өтүү.*

**КВАРТИРАЛЫК квартира** дегенге таандык. *Квартиралык акы.*

**КВАРТИРАНТ** Бирөөнүн бөлмөсүн же үйүн квартирага алган, акы төлөп жашаган адам.

**КВАРЦ** Кристалл жана быдырлуу туташ масса түрүндө кездешүүчү түссүз минерал. *Графит кварцы.*

**КВАРЦИТ** Негизинен кварцтан жана башка минералдардын бир аз аралашмасынан турган тоо тектери.

**КВАС** Кара буудайдын нанынан же унунан суу кошулуп ачытылган суусун. Ушундай суусундун жемиштен же балдан даярдалып, быжырап көбүктөнүп туруучу түрү.

**КВИНТЕТ** 1. Беш музыкалык аспапка же беш үнгө ылайыкталып жазылган музыкалык чыгарма. 2. Беш аткаруучудан (ырчылардан жана музыканттардан) турган ансамбль. *Вокалдык квинтет.*

**КВИТАНЦИЯ** Баалуу нерсени, документтерди, акчаны кабыл алгандыгын далилдөөчү официалдуу тил кат. *Квитанция берүү.*

**КВОРУМ** Белгилүү бир мекеменин, уюмдун ж.б. жыйналышка катышуучуларынын жобосу тарабынан белгиленген, жыйналыштын чечимдерин мыйзамдуу деп табууга негиз боло ала турган саны.

**КВОТА** *экон.* Ар бирине туура келүүчү үлүш, бөлүк, чек.

**КЕБЕ** *туурасы:* **кебээ.** *Кебе курсак чалдарды* («Манас» С.О.). *Айдаңыздар бедени, Баккыла токту кебени* («Жазгыч акындар»).

**КЕБЕЖЕ** 1. Көбүнчө жүзүм ташуу үчүн төөгө артылып жүрө турган жыгач үкөк. 2. Чоң курсак, дамбырадай карын. *Курсагын кебежедей кылган бир адам отурган экен.*

**КЕБЕЖИ КУРСАК** Чоң курсак, салык курсак (мал, адам жөнүндө). 2. *өт.* Бай, дүйнөсү жеткиликтүү, байлыгы ашып-ташыган. *Кебежи курсак байлардан* («Манас», С.О.).

**КЕБЕЗ** 1. *эс.* Пахта. *Кебездин арасында жүргөндөр биз, Ыргалат кандай сонун, жазылат чер* (Турусбеков). *Фергана кыргыздары канчалык кебез айдоого тийиш* («Эркин тоо»). 2. Пахтадан чыгарылган була. *Кебез салынган чапан. Кебез салып капталган жууркан-төшөк. Айлана кебез менен жаап койгондой кыяпатта* (Сасыкбаев). *Алда кайдан кебез тартып келаткан, Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып* (Осмонов).

**КЕБЕЗ БАЙЛОО** Кудага алып баруучу малдын эң мыктысынын көкүлүнө кебез байлап белгилөө. *Кебез байлап башына Атымды түшүп берейин* («Эр Табылды»). *Канаты бар кара атым, Буга кебез байлайын* («Эр Төштүк»). *Суркоёнго кебез байлап куда түшкүлө* (Сыдыкбеков). *Башына кебез байлап ат келтирип, Мал жандуу атакемди*

*зор кубанткан* (Үмөталиев).

**КЕБЕЗ МЕНЕН МУЗДОО** Эч жигин билгизбей, акырын, жылуу-жумшак мамиле менен тузакка түшүрүү, көзүн тазалоо, алдоо. *Канжар менен эмес, кебез менен муураш керек* (Бейшеналиев). *Бул чакан эки түрмөк далай адамдарды «сен жакшысың, кыйынсың» деп туруп, анан билгизбей кыяк менен чоң атасын үгүзүп, кебез менен муздап жатпайбы* («Ленинчил жаш»).

**КЕБЕЗ ӨТҮК** Үкөк сыяктуу тултук өтүк, калмак өтүк. *Кебез өтүк, кендир бел. Мен кечээ эле көрдүм эр Коңурбай калчаны* («Манас»).

**КЕБЕЗДЕЙ** Өтө жумшак, назик. *Чоң эне кебездей жумшак алакандарын тып-тып чапкылаcа, анын алсыз дабышы селдей толкуган күчтүү жаңырыкка житти* (Сыдыкбеков).

**КЕБЕК I** Арпа, таруу, конок сыяктуу эгиндердин сокуга салып актагандан, түктөгөндөн же тартылгандан кийинки эленип ташталган кабыгы. *Тазалады кебектен, Өткөздү далай электен* («Жазгыч акындар»). *Түктөп ийип арпаны, Кебегин атала чалып бергендир* («Манас»).

**КЕБЕК II: шиш кебек, кебеп** менен бирдей. *Токтогул шиш кебекти отко кактап, Айтууга карады* (Токомбаев).

**КЕБЕК БАШ** Башында мээси жок, акылы жок, мээси иштебеген деген маанилерде. *Ээ, оңбогурлардын амалын карачы? Мени бир кебек баш деп ойлошсо керек* (Карачев).

**КЕБЕКТЕ** Акталган, тартылган дандын кебегин бөлүп алуу, электен өткөрүү.

**КЕБЕКТЕТ кебекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕБЕКТӨӨ кебекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕБЕЛ** 1. Кыймылга келүү, жылуу ордунан козголуу (терс формада гана колдонулат). *Итике кебелбей отура берди* (Убукеев). *Михаил болсо кебелип көзүн ирмебей, барчын бүркүтчө тергөөчүдөн көзүн айырбай турду* (Жантөшев). 2. Капарына албоо, кенебөө, тоотпоо. *«Автобустан кечигип калдык!» деген сөзгө атасы кебелип да койгон жок* («Жаш ленинчи»).

**КЕБЕЛБЕС** Туруктуу, чын, бекем, өзгөрбөс. *Чындыкты сүйлөө, акыйкатты сүйүү акындын кебелбес сапаты эле* (Бөкөнбаев). *Кебелбес күлүк болот малдын көркү* (Токомбаев).

**КЕБЕЛТ кебел** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕБЕП** (шиш кебеп) Шишке сайып, отко кактап бышырылган эт. *Иманахун өзү даярдаган шиш кебепти апкелип алдыга койду* (Абдукаримов). *Ыргайдан катуу шиш болбойт, кебептен ширин эт болбойт.*

**КЕБЕР I** Туздуу, шор баскан жерлердин үстүнө чыгып калуучу бубак сыяктуу ак зат, шор. *Аппак кебер, шорлор бар* («Манас»).

**КЕБЕР II** Таштын жаракасы. *Болк этип коён секирткен, Боз үйдөй таштын кебери* («Эл адабияты»).

**КЕБЕРЛЕН** Кебер болуу, кебер басуу, кебер туруп калуу. *Кеберленген шорду тепсеп мүрөк суу* (Токомбаев).

**КЕБЕРЛЕНТ кеберлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕБЕРЛЕНҮҮ кеберлен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕБЕРСИ** Эриндердин кургап, кесилип, жарылып кетүүсү. *Кеберсип эриндери көгөргөнсүп, Көздөрү чарасына баткан эле* (Токомбаев). *Ажардын курсагы ачты, эрди кеберсиди* (Баялинов).

**КЕБЕРСИТ кеберси** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕБЕРСҮҮ кеберси** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕБЕТЕ** 1. Кимдир бирөөнүн же бир нерсенин көзгө элестелген, көрүнгөн түспөлү, турпаты, өңү-түсү. *Жүдөй түшкөн Жылдызкандын кебетесин көрүп, боору ачыды* (Байтемиров). *Таабалдынын көз алдына энесинин кебетеси келе калганда, кабыргасы кайышат* (Бектенов). *Күндүн кебетеси бузулуп, жаачудай баштанат* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Кимдир бирөөнүн кыял-жоругу, жүрүм-турумуна карата айтылат. *Бул кебетең менен сен көп жашай албайсың* (Байтемиров).

**КЕБЕТЕЛЕН** 1. Бирөөгө окшош болуу, бирөөнүн кебетесине окшоп кетүү, бир нерсеге түспөлдөшүү, сыяктануу. *Бугимовдун бетинин түрү күлдөгөн тери кебетеленип турат.* (Сасыкбаев). *Арткы аягы менен тике турган аюу кебетеленген жоон бир киши жылып келди* (Байтемиров). *Мелмилдеген кең асман жерди караган деңиз кебетеленет* («Ала-Тоо»). 2. Кандайдыр бир абалга окшогонсуу, ошондой көрүнүштө болгонсуу, сыяктануу. *Бир жакшы сөз айтуучудай кебетеленесиз?* (Каимов). *Көздөрүнө жаш кылгырып, ыйлап жиберчүдөй кебетеленди* (Байтемиров).

**КЕБЕТЕЛЕНТ кебетелен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕБЕТЕЛЕНҮҮ кебетелен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕБЕТЕЛЕШ** Кебетеси, көрүнүшү окшош, түспөлдөш, ошол кебетелүү.

**КЕБЕТЕСИ** Болжолдоо, окшоштуруу, кандай экендигин жалпылап сыпаттоо маанисинде колдонулат. *Жакындан бери ал мени көбүрөөк тооруйт, кебетеси, бир нерсе айтчудай* (Каимов).

**КЕБИ СУУ КЕЧПӨӨ** Айткан сөзү эч нерсеге жарабоо, сөзүнө эч ким көңүл бурбоо, эч кимге сөзү өтпөө. *О, алакчы дүйнө, кедейдин кеби суу кечпей калган заман беле?* (Сыдыкбеков). *Кедейдин кеби суу кечпеген*

*курган замана тура* (Сыдыкбеков). **В.: Сөзү суу кечпөө.** *Абыкенин сөзү суу кечпей калганын Эшмат дароо байкады да, Өмүрзакты карызды доолап келүүгө жумшады* («Кыргызстан маданияты»).

**КЕБИ СУУК** Сөзү орой, начар, көңүл калтыргандай, олдоксон. *Кеби суук жеңеңе, Келип жүргөн дагы бар* («Манас»).

**КЕБИ ЭКИ БОЛБОО** Айтканы айткандай аткарылуу, сөзүнө эч ким каршы чыкпоо, айтканы айткандай, дегени дегендей болуу. *Датка деген даража эң оболу бир вилаяттын диний көсөмү, андан соң кеби эки болбой турган элбегиси, аскер башчысы да болуп саналган* (Касымбеков).

**КЕБИН ЭКИ КЫЛУУ** Айтканын-дегенин аткарбоо, орундатпоо. *Ким алдына чыгат, өз айлында кебин эки кылганды жаман көрөт* (Касымбеков).

**КЕБЭЭ** 1. Майда жандыктардын, өзгөчө жаш козулардын өсүүсү начар болуп, бутуколу ичке, арык, бою жапыз болуп курсагы эле чардайып чыгып калган, балдардын итий оорусу сыяктуу абалы. *Кебээ козу кайда жүрөт. Бул кебээ болгон козу го?* 2. *өт.* Начар, арык, алсыз, жүдөө, жетим козудай. *Көп койдон ажыраган кебээ козудай болуп, элге кошулбастан жападан жалгыз отурам* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Бөрсөгөй курсак, курсагы томпоюп чыгып турган. *Кепедей болуп (кебээдей болуп) тоюп алдым*

**КЕБЭЭР** *туурасы:* **кебер.**

**КЕБЭЭРСИ** *туурасы:* **keберси.**

**КЕГЕЛЬБАН** Кегли оюну ойноло турган атайы үй.

**КЕГЛИ** 1. Белгилүү тартипте коюлган жыгач таякчаларын шар менен жыга уруп ойноочу оюн. 2. Ушул оюнга ылайыктап жасалган жыгач таякчалар.

**КЕДЕЙ I** 1. Оокат-тиричилиги начар, турмушу жетишсиз, жарды, кембагал. *Кедейдин жалгыз эчкисин карышкыр жептир* (макал). *Иретке чыккан өңчөй кедейлер* (Баялинов). *Өкмөт – силерге окшогон кедейлердики* (Байтемиров). *Кедейдин келди заманы, Байлардын кетти амалы* (Тоголок Молдо). *Кедейдин тийип балкасы, Кең дүйнөнү тар кылган* (Казыбек). 2. Бир нерседен кемчил, толук жетиштүү эмес, жеткилең боло бербеген абалда. *Акылга кедей. Сөзгө кедей. Тыйынга кедей.*

**КЕДЕЙ II** Бою өтө кичине, кыска болуу, жепирейип көрүнүү. *Кедейген кичинекей жигит болуптур, бала кезинде эле чабал болчу* («Ала-Тоо»).

**КЕДЕЙЛЕН** Кедей болуу, оокаты, малмүлкү азайып, кембагал боло баштоо.

**КЕДЕЙЛЕНТ** **кедейлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕДЕЙЛЕНҮҮ** **кедейлен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕДЕЙЛИК** Оокат-тиричилиги, турмушу начар экендик, кедейчилик, колунда жоктук, жардылык. *Аттиң кедейлик! Жаңкы жерде бир-эки сом болгондо, кызыл атты алып алар элек* (Элебаев). *Кедейликке ыйладым Азаптуу жанды кыйнадым* (Осмонкул). *Менин да эңсеген максатым ушул эле. Бирок, кедейлик кедерги болду* (Абдукаримов).

**КЕДЕЙСИН** Өзүн кедей сыяктантып көрсөтүү, кедейге окшоп көрүнүү, жардысынуу.

**КЕДЕЙСИНТ** 1. **кедейсин** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Бирөөнү кедей, жакыр, жарды деп кароо, кедейсиң деп кемсинтүү, басынтуу.

**КЕДЕЙСИНТҮҮ** **кедейсинт** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕДЕЙСИНҮҮ** **кедейсин** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕДЕЙТ** **кедей II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕДЕЙҮҮ** **кедей II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕДЕЙЧИЛ** Кедейлердин таламын талашкан, кедейлерди жактаган адам.

**КЕДЕЙЧИЛДИК** **кедейлик** менен бирдей.

**КЕДЕЙЧИЛИК** **кедейлик** менен бирдей. *Сен кайгырба, кедейчилик кайгыны жек көрөт* (Байтемиров).

**КЕДЕН** *диал.* Саман, тыпын сактала турган үй.

**КЕДЕҢ: кедең-кедең этүү** Кедейген, кичине кишинин кыймылына, басыгына карата айтылат.

**КЕДЕҢДЕ** Кедең-кедең этүү, тепендеп тез жүрүү, ылдам кыймыл жасоо (көбүнчө балага, кичине кишилерге карата айтылат) *Кедеңдеген бала алдыга узап, караань көрүнбөй калган атасынан адашып, жер тепкилейт* («Ала-Тоо»). *Ал түгүл кедеңдеген кемпир да, чал да калбай, бардыгы жол тоскону кетип бара жатышыптыр* (Айтматов).

**КЕДЕҢДЕТ** **кедеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕДЕҢДӨӨ** **кедеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕДЕР: кедери кетүү.** Иши оңунан чыкпоо, илгерилеп жылбоо, артка кетүү. *Иши илгери барардын ити чөп жейт, кедери кетердин келини ууру кылат* (макал). *Кедери элдин кетпейби, Кек албай калса кубалап* (Бөкөнбаев). *Кедери жыл сайын кетип отуруп, совхоз азыр тырп этерге шайманы калбаптыр* («Чалкан»). **В.: Кери кетүү.** *Кери кеткендин сакалы кекиртегине бүтөт* (макал). *Кериге ишти кетирип, уулантпасын жүрөктү* (Жантөшев).

**КЕДЕРГИ** Кандайдыр бир иштин, тилектин, максаттын ишке ашпоосуна, аткарылбай калышына себеп болгон тоскоолдук, жолтоо, каргаша. *Мен сени үйлөнтөйүн дедим эле, бирок кедейлик кедерги болду,–*

*деди Култай уулуна* (Абдукаримов).

**КЕДИК** 1. Бою кичине, чабал, арык. *Ак көйнөк, ак топу, кабыма кара шымчан кедик кара абышка шарактатып кумалактарды көчүрүп жаткан экен* (Убукеев). 2. Кой тукумунун бир түрү. Жүнү уяң кой. *Кедик койдун тармал жүн, таза жерге жыктырып, Тасмалдатып кырктырып* («Манас»).

**КЕДР** Дайыма көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу жыгач.

**КЕЖЕЙ кержей** менен бирдей.

**КЕЖЕКТЕ кержекте** менен бирдей.

**КЕЖЕҢ** Койлордун ылаңы. *Кежең болгон койдой диртилдеп, селделери силкилдеп* (Жантөшев).

**КЕЖЕҢДЕ** 1. Башын артын көздөй чулгуп кержендөө. 2. *өт.* Кежирленип кыйыктана баштоо, кыйыгы кармоо, кежирлик кылуу. – *Көп кежеңдебесеңчи, уулум* («Ала-Тоо»).

**КЕЖЕҢДЕТ кежеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЖЕҢДӨӨ кежеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЖЕРНАЙ** *сүйл.* Булгаарынын мыкты сорту, сапаттуусу. *Кежернай таман. Кежернай өтүк.*

**КЕЖИ** Кой байлоочу жип.

**КЕЖИГЕ** 1. Желке, моюндун арт жагы. *Седеп кежигесине жылышып кеткен жоолугун илгери тартып оңдоп, ордунан турду* (Убукеев). *Кежигемден, алып өйдө тартты* (Абдукаримов). *Кежиге чачы үксүйүп, Каары келип какайып, Келе жатат түктөйүп* («Манас»). 2. Бир нерсенин сырт жагы, арт жаккы багыты. *Зооканын алды жалама аска, кежиге жагы капталга таянган борчук таш* (Каимов). *Салык кыштактын четиндеги жолго салып, түз эле Мамбеткулдун үйүнүн кежигесинен чыга калмак болду* (Каимов).

**КЕЖИГЕМДИН ЧУҢКУРУ КӨРСҮН** Экинчи көргүлүк кылбасын, кайрылып көрбөйүн, кездешпейин деген мааниде колдонулат. *Бул жерди кежигемдин чуңкуру көрсүн дедиби, артына бир кылчайбай изин сууткан* («Чалкан»).

**КЕЖИГЕСИ ЖОК** Оңой менен тил албаган, айткан-дегенди укпаган, кежир, кыйык. *Ушундай да кежигеси жок бала болобу.* **В.: Кежигеси кесилген.** *Мунуң бир кежигеси кесилген неме экен, какшап жатып тил алдыра албай койдум* («Ала-Тоо»). *Кежигеси кесилген бала ушул турбайбы, такыр тилге кирбейт* («Чалкан»).

**КЕЖИГЕСИ КЕР ТАРТУУ** Кежирленүү, мойну жар бербөө. *Аял кысылып, кежигеси кер тартып, араңдан зорго козголду* (Баялинов). *Бирдемеге жумшаса, кежигеси кер тартып турганын көрдүм* (Саатов). *Мурда коомдун ишине кежигеси кер тартып жаманатты болуп, биротоло түңүлткөн адам* (Медетов). *Балдар кежигеси кер тартып, илең-салаң* (Абакиров). **В.: Кежигеси кержейүү.** *Кежигеси кержейип, араңдан зорго козголду* (Баялинов). **Кер тартуу.** *Кедейде кейүү бар, кер тартуу жок.*

**КЕЖИГЕСИ ТЫРЫШУУ** Тырчый түшүү, ачуусу келүү, жактырбай калуу, көңүлү бузулуу. *Айдардын сөзүн жактырбай Айдарбектин кежигеси тырыша түштү* («Ала-Тоо»).

**КЕЖИК** Учунда темир кайырмагы бар таяк. Бул таяк менен пилди кежигеге ургулап айдаган. *Кежик менен бир салып, кежигемди кыйратты* (Эл ырлары).

**КЕЖИЛДЕ** Маанисиз кептерди айтып бажылдай берүү, маңызданып көп сүйлөө.

**КЕЖИЛДЕТ кежилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЖИЛДӨӨ кежилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЖИМ** 1. Түктүү жибек кездеменин түрү. 2. Алтын жип кошулуп токулган баалуу кездеменин түрү. 3. Кооздук үчүн пайдалануучу алтын зым жип кошулуп токулган кымбат баалуу тор. 4. Кооздолгон, кымбат баалуу ат жабуу. *Торгун, тубар, тор кежим* («Манас»С.О.). *Кара кашка аргымак, Алтындан кежим жаптырып* («Манас»). *Токулуу даяр көк ала, Тор кежим салып минди дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ак кежим үртүк жабуулап, Жетелеп алып баралы* (Токтогул).

**КЕЖИР** Айтканга көнбөгөн, тил албаган кыйык, кыялы тетири, кеп жебес. *Кежеңдеген кежирди Тирсегинен илгенде* («Манас»). *Чаргын кежир кылыгын сезе коюп, бир аз токтоло түшүп, кебин улады* (Сыдыкбеков).

**КЕЖИРДЕН кежирлен** менен бирдей.

**КЕЖИРДИК кежирлик** менен бирдей.

**КЕЖИРЛЕН** Кежирлик кылып тил албоо, кыйыктануу, кепке көнбөө. *Керез кежирленип, ээрге минүүдөн баш тартты* (Бейшеналиев). *Кээде эркелеп кежирлендим, таарындым* (Нуркамал).

**КЕЖИРЛЕНТ кежирлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЖИРЛЕНҮҮ кежирлен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЖИРЛИК** Өз билгенин бербей, кежир адатын карматкандык, кыйыктык. *Комиссиянын мүчөлөрү Баканын кежирлигин акырындап сезе баштады* (Байтемиров). *Айылдагылардын бир катары Мырсалыны кежирлиги үчүн жемелешсе, экинчи бирөөлөрү «мында бир сыр бар го» деген ойго кетишти* (Каимов).

**КЕЗ I** 1. Узундугу 105 сантиметрге барабар болгон өлчөм, чен. *Түбүн кырк кез ойдурдум* («Семетей» С.К.). *Жети кез коргон байдубал, Чарбагын кошуп ырдайын* (Токтогул). *Сардардын сегиз миң кезден*

*ашык ар түрдүү шайылары, баркыты, чыты өрттөнүп, күлгө айланды* (Абдукаримов). *Үч кез дубалы мыкты салынган, бак-дарактуу короолор биздики* (Айтматов). 2. Ушундай өлчөмдү билгизген, ушундай өлчөм менен ченөөгө колдонула турган чен таяк. *Кезге салып өлчөө.*

**КЕЗ II** Белгилүү бир учур, маал, мезгил, онтойлуу момент. *Баягы түн, баягы жаштык кез кылт этип эске түштү* (Айтматов). *Дарактар көпкөк болуп гүлдөп турган кез* (Каимов). *Тоолордун чокусун нур чалган кезде, чоң экскаватордун мотору күрүлдөп иштеп жатты* (Сасыкбаев). *«Анын да бир жолу кези келер» деген ой менен азыр катуу кетпей, ичиме түйүп коюп жүрө бердим* («Ала-Тоо»).

**КЕЗ III** Узак жол тартуу, кыдыруу, жер арытып жүрө берүү, тентүү, алыска сапар чегүү. *Качып, тентип сабылып, Кезип кетер бекенбиз* («Сейтек»). *Сар талаа бетин кыдырып, Санатсыз далай жер кезем* (Бөкөнбаев).

**КЕЗ-КЕЗ** Анда-санда, кээ бир учурларда, кээде-кээде. *Кез-кез кепке кошулуп, Сатылган өкүнгөн болот* (Сыдыкбеков).

**КЕЗ КЕЛҮҮ** Жолугушуу, туш болуу, кездешүү, кабылуу. *Күүгүм ченде эки үйгө кез келишти* (Жантөшев). *Хан Толтойду өлтүргөн, Канкорго эми кез келди* («Семетей»).

**КЕЗГИН** Жер кезип, тентиреп жүргөн, кезип жүрө берме.

**КЕЗГИНЧИ кезгин** менен бирдей.

**КЕЗДЕ** Кезге салып өлчөө, ченөө, ченин алуу.

**КЕЗДЕМЕ** Жүндөн, пахтанын буласынан, ж.б. токулган текстиль товарлары. *Азиз Ахмедов эки көйнөктүк кездеме берди* (Жантөшев). *Жибектен, пахтадан токулган кездемелер жаңы универмагда толуп турат* («Ала-Тоо»).

**КЕЗДЕНЕ** Жылан, чаян өңдүү чагуучулар.

**КЕЗДЕТ кездештир** менен бирдей.

**КЕЗДЕШ** 1. Кез келүү, учурап калуу, жолугуу, кабылуу. *Сени менен экинчи жолу кездештик* (Токомбаев). *Эгер жумшак катмар кездешсе, ураткан көмүрдү ташып да үлгүрө албайт* (Сасыкбаев). *Ошентип, атабаланын кездешкенине күбө болдук* («Жаш ленинчи»). 2. Беттешүү, бетме-бет чыгып кармашуу, салгылашуу, алышуу. *Кесемил аттуу балбаны, Кездешем деп барганы* («Манас»).

**КЕЗДЕШТИР кездеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗДЕШҮҮ кездеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗДИК** Кийиз бычууда, оюуда колдонулуучу бычактын бир түрү.

**КЕЗЕ** Бирөөгө карата колун, муштумун, сөөмөйүн же куралын таптап коркутуу, сезин алуу, ура турган, чаап жибере турган болуп тап берүү. – *Бардыгы мен кете электе ордуна келсин!* – *деди Мамбеткул ага сөөмөйүн кезеп* (Каимов). – *Кимсиңер* – *деди кара кашканы жулкунтуп, тапанчаны кезей кармаган Каныбек* (Жантөшев). – *Атыңдын башын тарт, өлөсүң!* – *деп, төөнүн мойногун тээп, саадагын кезеди* (Токомбаев).

**КЕЗЕГИНДЕ** 1. Анда-мында, кээде-кээде, кези келгенде, дамаамат эмес. *Кезегинде ушинтип келип турсаңар эле болду* (Байтемиров). 2. Учурунда, өз убагында, болуп өткөн чакта. *Кезегинде мен да бир кишиче бар элем.*

**КЕЗЕК** 1. Биринен кийин экинчисине жана андан аркыларына кезектешип өтө турган ирет, кезектешүүнүн белгилүү тартиби, катары, нөөмөт. *Кезек биздин үйгө келип, эртең мен кой кайтармак болгон күнү кабагым ачылбай, мүңкүрөп калчумун* («Ала-Тоо»). *Арадан көп күн өтпөй, Касымга да кезек келди* (Айтматов). *Кезек жуманын түнүнө калды* (Бөкөнбаев). *Буруттугуң чын болсо, Кезегиңди бер, Манас!* («Манас»). 2. Белгилүү бир учур, мезгил, убак, онтойлуу учур. *Кезек кетип кем болдум, Кемирейген кем болдум* («Сейтек»). *Анда мен бой тартып, он бешке чыгып калган кезегим* (Айтматов). *Кезеги келген күндөрдө, Кенен дооран сүргөнбүз* (Казыбек). *Биздин көөдөн көкөлөгөн эл бийлеп, Келди кезек, башын ийет жүрөк* (Закирова). *Шашпа, сенин да кезегиң келер* («Чалкан»).

**КЕЗЕК-КЕЗЕК** Анда-санда, дайыма эмес, кез-кезде. *Кезек-кезек мен да олжолуу боло калып жүрдүм* («Чалкан»). *Кезек-кезек арабалардын дөңгөлөгү кылдырттап, жолдун чаңы сапырылат* («Ала-Тоо»).

**КЕЗЕКСИЗ** 1. Кезек күтпөстөн, кезеги келе электе, кезекке карабай. *Кезексиз билет алыш уятпы деп, эл менен кезек күтүп тура калдым* («Ала-Тоо»). 2. Чукулунан, белгиленген мөөнөтүнө жете электе, мөөнөтүнөн эрте. *Партиянын кезексиз чакырылган съезди. Тезинен башкарманын мүчөлөрүн чакыр, кезексиз жыйналыш болот* (Жантөшев). *Айнанын бүгүнкү кылган күнөөсүн комсомолдун кезексиз ачык жыйналышына коюуну ылайык таптым* (Байтемиров).

**КЕЗЕКТЕ** Кезектешүү, кезеги боюнча, кезегине жараша аракет кылуу, кезек күтүү. *Айкырышып урушуп, Кезектеп найза салалы, Армансыз болуп калалы* («Эр Төштүк»). *Кезектеп айтып жатышты, Душмандын кайда жатканын* («Мендирман»).

**КЕЗЕКТЕТ кезекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗЕКТЕШ** Кезек менен иштөө, бирибирине кезек беришүү, алмак-салмак иш кылуу. *Ашканада ар бир класс кезектешип дежурный болушат* («Жаш ленинчи»). *Адет*

*боюнча жалгыз чыны менен кезектешип ичүү керек* («Чалкан»).

**КЕЗЕКТЕШТИР кезектеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗЕКТЕШҮҮ кезектеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗЕКТҮҮ** Көрсөтүлгөн мөөнөтүнө, кезегине жараша, мөөнөтү көрсөтүлгөн убакытка туура келген. *Правлениенин кезектүү заседаниеси кышка камылга жөнүндө маселени талкуулады* (Бектенов). *Кезектүү сөзгө тең болбой, Жаман адам басынат* (Токтогул).

**КЕЗЕКЧИ** Кароолдо турган күзөтчү, кароолчу (көбүнчө кезектешип турган күзөтчүлөргө, кароолчуларга карата айтылат). *Ошол кезде ордого, Кезекчилер киришип, Жакын келген душманга, Аянбай жообун беришип* («Семетей»). – *Мага кезекчини чакырып коюңузчу?* (Бектенов). *Ар кайсы үйдөн короо кайтарууга кезекчилер чыгышты* (Жантөшев).

**КЕЗЕН** Бирөөдөн өч алуу же бирөөгө жамандык кылуу, кыйратуу, сокку уруу максатында ызырынуу, кыжырлануу, жаалдануу. *Эки тарап тең бир-биринин караандарын алыстан көрүшүп, кезене, чымыркана дуулдай бастырышты* (Сыдыкбеков). *Жүрөгү күйүп турган өткүр Жунуш, Кезенди ачууланып, эрдин тиштеп* (Токомбаев).

**КЕЗЕНҮҮ кезен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗЕҢ** 1. Тоонун кайкаң жери, бел. *Кезеңдин белин ашчу эле, Эл жүрбөстүн талаасын, Эңкейип барып басты эле* («Сейтек»). *Төмөнкү кезеңдеги борчук таштын кычыгынан командир көрүндү* (Жантөшев). *Кезеңден ашып келатып, Келин-кызга жолуктум* (Осмонкул). 2. *өт.* Өтө кыйын шарт, оор абал, оорчулук. *Күжүрмөн шахтерлор кыйын кезеңдин азап-тозокторуна чыдап иштей беришти* (Сасыкбаев). *Бүбү энеси менен бөбөктөрүн өтө кыйын кезеңде, ачарчылыктын алкымдан алып турган оор мезгилинде көрүп отурат* (Абдукаримов).

**КЕЗЕР** Аябай ачка болуу, карды ачуу, өзөрүү. *Кезерип ачка баарысы, Кетип турат дарманы* («Кедейкан»). *Күн бою кезерип ачка жүрүп тапкан пайдабыз кайсы* («Ала-Тоо»).

**КЕЗЕРТ кезер** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗЕРҮҮ кезер** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗИГИШ** Бири-бири менен кездешүү, жолугушуу, бирине бири учуроо, кез келүү. *Эрендердин баарысы, Кезигишип калыптыр* («Манас»). *Бир окуучу элге барды калаадан, Кезигишти Көкөш экөө талаадан* (Бөкөнбаев).

**КЕЗИГИШТИР кезигиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗИГИШҮҮ кезигиш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗИГҮҮ кезик** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗИК I** Айыкпас дарт, узакка кармаган кайтпас илдет. *Кезик, келте жолугуп, Албады неге өзүмдү?* («Мендирман»). *Кезик болбой айыкса* (Тоголок Молдо).

**КЕЗИК II** Кездешүү, жолугуу, учурап калуу, кез болуу. *Жаз болбосо, жай түнүндө кезиксин!* (Осмонов). *Кезиккен сайын баягыдан бетер жалындуу сөздөр айтылды* (Байтемиров). *Кокустан жоо кезиксе, Берейин анын сазайын* (Жантөшев).

**КЕЗИКТИР кезик** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗИТ** *сүйл.* Газета.

**КЕЗМАЛ** Кездеме. *Даркан сельсоветине делинген кезмал, кант, чай өткөн айда эле берилген* (Баялинов). *Кезмал жок десем, Элүү метр алдыңыз* (Осмонов).

**КЕЗМЕК** Биринен кийин бирине өтө турган кезек, нөөмөт, кезектешүүнүн белгилүү ирети. *Кезмек менен иштеген кенчилер түнкүсүн келип сергип, көңүлдөрүн куунактатып кайтышат* («Ала-Тоо»).

**КЕЗМЕТ** *диал.* Кезек, кезмек. *Кээде кызыл үйдү аңдышып, улуулардан кезмет жетсе, бетме-бет алты бакан селкинчекке тырмышышат* (Бейшеналиев). *Кезмети келгенде көрсөтөрмүн* («Ала-Тоо»).

**КЕЗӨӨ кезе** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗҮҮ I** Мал кайтаруунун кезеги, биринен кийин экинчисине өтүп кезектешкен ирети. *Жылкынын кезүүсүн бөлүшүп алалы* (Жантөшев). *Кой кайтаруунун кезүүсү бүгүн да мага келди* («Ала-Тоо»). *Мен шашыпбушуп эчкилерди көгөндөн агытып, кезүүгө кошуп, мектепке чуркадым* («Ала-Тоо»).

**КЕЗҮҮ II кез III** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЗҮҮЛӨШ** 1. Малды кезүү менен кайтаруу, биринен кийин экинчиси кезек алмаштырып мал багуу. *Кезүүлөшүп багып жүргөн койлорубуздан бирден-экиден ортого кошолук дебедикпи* («Эркин тоо»). 2. Бир нерсени кайтаруу, күзөтүү үчүн кезек алмаштырып туруу. *Кечинде кайта камалып, Кесеп турат солдаттар, Кезүүлөшүп кайтарып* (Токтогул).

**КЕЗҮҮЛӨШТҮР кезүүлөш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЗҮҮЛӨШҮҮ кезүүлөш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЙБИР** Акыл-эси ордунда эмес келесоо, макоо, келжирек. *Топурагымды түйүп берем дегенден коркуп, ушул ишке кабылдың ээ, кейбир!* («Ала-Тоо»). *Эй, кейбир экенсиң да* (Бейшеналиев). *Кейбир кылат өзүңдү, Кеп салбагын маңызга* (Токтогул).

**КЕЙБИРЕ** Маңызданып келжирөө, мааниси жок сөздөрдү сүйлөй берүү. *Маң болгондой кейбиреп, Мас болгондой зеңгиреп*

(«Манас»).

**КЕЙБИРЕТ** **кейбире** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЙБИРӨӨ** **кейбире** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЙИ** Кейитер, кайгы тарттырар кандайдыр бир ишке, кырсыкка ж.б. байланыштуу капалануу, кейиште болуу, санаага батуу. *Степан сыр билгизбей, өзүнчө кейип тынчсыздана кетти* (Бектенов). *Аял кейип кабагын бүркөдү* («Ала-Тоо»). *Казак өзү да кейип, басынып, жүдөй түшкөн* («Ала-Тоо»).

**КЕЙИКЧЕЛ** Кейип-кепчий берме, убайымчыл, курулай кайгылана берме, кайгычыл. *Сен болсоң кемпир туубассың, Мен кейикчел куу башмын* («Кедейкан»).

**КЕЙИП** **кейпи I** менен бирдей. *Тообай ойлуу жана кайгылуу кейип менен шалдайып жамбаштап жатты* (Каимов).

**КЕЙИПКЕР** Адабий чыгармалардын каарманы, персонаж, тип. *Кайсы бир жакшы чыгармаларды окуганыңда андагы кейипкерлер кадимки тирүү адамдардай, азыр эле өзүң менен бир жүрүп, бир баскандай сезилет* («Ленинчил жаш»).

**КЕЙИПТЕН** Кимдир бирөөгө же бир нерсеге окшогонсуу, ошол кебетеленүү, ошондой кебетеде болуу, сыяктануу, түспөлдөнүү. *Жаман ырчы кейиптенип, Жатам деп жалгыз качпайын* (Токтогул). *Суу кечкен теке кейиптенип текилдей баштаганда көрөрсүң* («Ала-Тоо»).

**КЕЙИПТЕНТ** **кейиптен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЙИПТЕНҮҮ** **кейиптен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЙИТ** **кейи** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЙИШ I** Кейип турган кыйын шарт, убайым, капа, кайгы, муң. *Кейишке башым түштү эле, Келип турам атайын* (Токтогул). *Кейиш башта бар болсо, Мына ушуга чыдаган* (Тоголок Молдо). *Мына ушинтип кейиште калып, арманым ичте бук болуп турган кез* («Ала-Тоо»).

**КЕЙИШ II** **кейи** этишинин кош мамилеси. *Биз менен кошо кейишер тууган эле сен эмессиңби* («Чалкан»).

**КЕЙИШТҮҮ** 1. Кейигендей себеби бар, адамды кейитерлик, капа кыларлык, кайгылуу, мундуу. *Бул кейиштүү окуя айылдагы ар бир адамдын жүрөгүн сыздатты* («Ала-Тоо»). 2. Капасы бар, кайгырган, кейиген, кайгыга баткан. *Кейиштүү эненин көңүлүн жубатарлык кептерди айтып, кайгыдан алагды кылуубуз керек* (Жантөшев). *Анда-санда онтогон кейиштүү үндөр угулат* (Сыдыкбеков).

**КЕЙКЕЙ** Башын бир аз чалкалатып, кайкая тартып жүрүү. *Кейкее басып бак дөөлөт Жакыптын келди өзүнө* («Манас»). *Каткырып тооктордун баары күлөт, Кейкейип кейпи кетип короз жүрөт* (Шүкүрбеков).

**КЕЙКЕЙТ** **кейкей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЙКЕЙҮҮ** **кейкей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЙКЕКТЕ** **кейкеңде** менен бирдей.

**КЕЙКЕҢ-КЕЙКЕҢ ЭТҮҮ** Башын чалкалатып кейкектөө, кержеӊ-кержеӊ этүү. *Кейкең-кейкең этип артын карабай кетип баратканын көр!* («Чалкан»).

**КЕЙКЕҢДЕ** Башын чалкалатып, кейкенкейкең этип жүрүү, кейкейүү. *Кеп жүйөсүн билбейсиң, Кейкеңдеген балдар ай* (Осмонов).

**КЕЙКЕҢДЕТ** **кейкеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЙКЕҢДӨӨ** **кейкеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЙПИ I** 1. Бирөөнүн же бир нерсенин тышкы кебетеси, көрүнүшү, көзгө элестелген, көрүнгөн жалпы турпаты, формасы. *Кейпиңди оңдосоң боло, бул көрүнүшүң менен адамдын түшүнө кирчүдөй болуп турасың* («Чалкан»). *Үйдүн кейпи бу болсо, бизге ким келе койсун* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөнүн же бир нерсенин белгилүү бир кырдаалдагы көрүнүшү, жалпы ал-абалы, маанайы, шарты. *Атамдын мага кайрылар, мени эмне болор экен деп ойлор кейпи жок* («Чалкан»). *Силердин окуюн деген кейпиңер жок экенин көрүп турам* («Ала-Тоо»). *Бу кейпиңер менен жакында бүткүдөй эмессиңер* («Ала-Тоо»).

**КЕЙПИ II** Болжолдоо, окшоштуруу, бир нерсе жөнүндө чамалап, болжой баяндоо маанисинде колдонулат. *Кейпи, сүйлөгөн сөздөрдүн бардыгын түшүнүп жаткан шекилдүү* («Жаш ленинчи»). *Кейпи, ал Суусар сулууга үйлөнсөм деген ой менен ошентип жүрсө керек* (Убукеев).

**КЕЙПИН КИЙҮҮ** Кимдир бирөөнүн терс көрүнүштөгү абалына өтүү, ошого окшошуу, ошол сыяктуу начар абалга келүү, ошол кейиптенүү. *Каныбекти колуңдан чыгарсаң, менин кейпимди киериңе шек жок* (Жантөшев). *Болбосо, ал да Мырзабайдын кейпин киет болучу* (Абдукаримов).

**КЕЙС** Китеп, дептер, кагаз салып көтөрүүчү кичинекей жалпак сумка.

**КЕЙҮҮ** **кейи** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕК I** Запкы көрүү, ыза болуу ж.б. себептерден улам бирөөгө кекенгендик, өчү бар экендик, бирөөгө карата болгон кастык. *Кедейлер алып бердиңер, Керимбайдан кегимди* (Токтогул). *Төлөнбай миңбашы ичинде кек сактап кеткен* (Абдукаримов). *Сооронбай аркылуу Айдарбектен кек алууга умтулдум* (Жантөшев).

**КЕК II** *аңч.* Патрон менен атылуучу үн чыкпас мылтык.

**КЕКЕЙ** 1. Кейкейүү, кержейүү, башын кейкейте көтөрүү. *Карымшак муунган кишидей кекейип калды* (Байтемиров). 2. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, адамды теңсин-

бей көктү карап калуу.

**КЕКЕЙТ кекей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКЕЙҮҮ кекей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЕН** Бирөөдөн кек алуу, жамандык кылуу ниетинде болуу, ичине кек сактап калуу, бирөөгө айыгышуу. *Кекенип калган өзү бар, Кейиштүү айткан сөзү бар* («Манас»). *Бизге кекенип, тишин кайрап жүргөндөрдүн эсеби табылар* («Ала-Тоо»).

**КЕКЕНИШ кекен** этишинин кош мамилеси. *Бири-бирине кекенишип, жаман ойлуу болуп жүрүүдөн пайда табылабы* («Ала-Тоо»).

**КЕКЕНТ кекен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКЕНҮҮ кекен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЕНЧ** Кек, бирөөгө кекенип, кек сактап калгандык. *Кекенчиң болсо унуткун, балам, кечиргин, ансыз ичиңер агарбайт* («Ала-Тоо»).

**КЕКЕҢ-КЕКЕҢ** Кичинекей нерсенин кейкең-кейкең этип жүгүргөн кыймыл аракетин билдирет. *Кекең-кекең жорголоп, Келе жатты жем издеп* (Бөкөнбаев).

**КЕКЕҢДЕ** Кекең-кекең этүү, кекеңдөө.

**КЕКЕР кекээр** менен бирдей.

**КЕКЕТ** Бирөөгө өкүмдүгүн көрсөтүп, кагып-сөгүп коркутуу, орой сүйлөп опузалоо, жекирүү. *Тагай Калмуратты кекете сүйлөдү* (Абдукаримов). *Токтогул деп кекетсең, Тогуз айып каларсың* (Токтогул). *Кекетпе, болуш, кекетпе, Кудайдын досу болсоң да* (Бөкөнбаев).

**КЕКЕТҮҮ кекет** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЕЧ** Сөздү шар сүйлөй албай, токтоп-токтоп, мукактанып сүйлөгөн киши, сакоо. *Жаралуу кылып түшүрдүм, Ханы Дөлөн кекечти* («Курманбек»).

**КЕКЕЧТЕН** Сөздү шар айта албай, токтоп-токтоп, мукактанып сүйлөө (кекеч кишиге карата). *Садыктын маңдайынан муздак тер чыгып, сөзүнүн дайнын таппай кекечтенип калды* (Байтемиров). *Айгүл да бир саам мууна түшкөнсүдү. Анан кекечтенип эжесине жакындады* («Ленинчил жаш»).

**КЕКЕЧТЕНТ кекечтен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКЕЧТЕНҮҮ кекечтен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКИЛИК** Тоок тукумуна кирүүчү жүнү чаар жапайы канаттуу. *Кекилик жанын сабайт, какылыктап, Кара каш, кызыл тамак, жашыл алкак* (Баласагын). *Кааласам тоого барып кекилик, коён атам* (Убукеев). *Кекиликтер шагылдуу, карагайлуу капчыгайларда топтошуп жашашат* («Жаш ленинчи»).

**КЕКИР** Кызыл өңгөчтөн ооз көңдөйүнө карай газ чыгара дабыш салуу. *Айдараалы бозого карт-карт кекирип коюп. «Көйрөң күүнү» чертти* (Каимов). *Көкө тамшанган болуп, камырабай кекирип койду* (Касымбеков).

**КЕКИРЕ** Жапайы чыгуучу, ачуу даамы бар, жапыз өсүүчү куурай, отоо чөп.

**КЕКИРЕЙ** 1. Кейкейген, кекейген көрүнүштө болуу, башын чалкалата көтөрүү. 2. *өт.* Бой көтөрүү, адамды теңсинбөө, мыктысынуу.

**КЕКИРЕЙТ кекирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКИРЕЙҮҮ кекирей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКИРИК** Кекирүү аркылуу кызыл өңгөчтөн ооз көңдөйүнө бөлүнүп чыккан газ жана анын дабышы.

**КЕКИРТ кекир** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКИРТЕГИ ТАЛГА ИЛИНҮҮ** Ач калуу, наар албоо, даам сызбоо. *Анын казаны оттон түшүп, кекиртеги талга илинген.* **В.: Кекиртеги талга асылуу.** *Ушинтип, солдоюп бекер жүрсөң, кекиртегиң талга асылат* («Чалкан»).

**КЕКИРТЕГИН МАЙЛОО** Пара берүү, кошомат кылып, паралап коюу. *Тыяктан да, быяктан да кекиртегин майлаган кез эки анжы* (Бейшеналиев). *Менден да чоңдор бар, алардын кекиртегин майлап турбаса болобу?* (Ш.Үмөталиев).

**КЕКИРТЕК** 1. Адамдын, жаныбарлардын ооз көңдөйүн өпкө менен туташтырып, дем алуу, дем чыгаруу учурунда аба өткөрүп туруучу түтүкчө. 2. Моюндун тамак өтө турган бөлүгү, алкым. *Алышат бирин-бири кекиртектен* (Үмөталиев). *Кекиртектен өткөндүн бардыгы тамак* (макал). 3. *өт.* Жалпы эле тамак-аш, оокат, ичмей-жемей деген мааниде колдонулат. *Кекиртектен кетти деп, Кыргызга бүтүн угулат* (Шүкүрбеков). *Кызыл-кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет* (макал). *Кекиртектин айласын таба албай жүргөндүр* («Ала-Тоо»).

**КЕКИРТЕКТЕ** Кекиртектен алуу, кекиртектен кармоо.

**КЕКИРТЕКТЕН АЛУУ** *к.* **жакадан алуу.**

**КЕКИРТЕКТЕН ЧЫГА ТОЮУ** Абдан, өткөрө тоюу, ашыра жеп-ичүү.

**КЕКИРТЕКТӨӨ кекиртекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКИРҮҮ кекир** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКС** Сүт, май кошулган камырга мейиз салынып, белгилүү формага келтирилип жасаган кондитердик таттуу нан.

**КЕКСЕ** 1. Жашап калган, бир топ жашка келген, улгайган, картаң. *Кексе кары баланын оюн баамдай койду* (Касымбеков). *Айтпасаң да бузулганын намазын, Кексе кары алдын ала сүйлөдү* (Токомбаев). *Турмуштун ачуусун көп татыган кексе*

*кары уулуна этият эскертти* (Сыдыкбеков). 2. Башынан көптү өткөрүп, көптү көрүп машыккан, каныккан, дасыккан. *Кексе аялдардан эчтекени жашыра албайсың* (Абдукаримов). *Ал эми бала эмес, кексе киши, бул ишти ар кандай түшүнүшү мүмкүн* (Айтматов). *Кексе жолоочу байкай койду да, кыздын көңүлүн уламакчы болду* («Кыргызстан аялдары»).

**КЕКСЕЛЕН** Кекселик кылуу, куулануу, амалдануу, митайымдануу, айлакердик кылуу. *Кекселенсе Алтыба,й Кекээрлүү сөздөн салалык* («Эр Табылды»).

**КЕКСЕЛЕНҮҮ кекселен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКСЕЛИК** 1. Жашы жеткендик, улгайып калгандык, карылык. 2. Аркы-беркини көп көрүп, көптү билип такшалгандык, митайымдык, айлакердик, амалкөйлүк. *Кекселикке салганы, Кетер жагын бет алып, Кетенчиктеп калганы* («Манас»).

**КЕКТЕ** Бирөөгө каршылыгын, кеги бар экендигин көрсөтүү, кек сактоо, кекенүү. *Акылсыз адам көп чыгат, Өткөн ишти кектеген* (Токтогул). *Датка ошону кектеп жатат* (Токомбаев),

**КЕКТИ СУУГА САЛУУ** Бири-бирин кечиришүү, ынтымакка келүү. *Силер ынтымакты тандап алып, эл болгула! Кекти сууга салгыла* (Ш.Үмөталиев).

**КЕКТӨӨ кекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКТҮҮ** Кеги бар, өчү бар, ичине кек сактаган. *Жигит кектүү түс менен ачуусу кайнап, тишин кычыратып чыгып кетти* (Элебаев). *Бул оңбогур башынан эле мага кектүү болуп жүргөн тура* («Ала-Тоо»). *Башынан сөөк өчтүү Чегиртке артыкча Батишти алдырып жибергенден бери кектүү* (Сыдыкбеков).

**КЕКЧЕЙ** Башын артына карай чалкалатып кекейүү, кержейүү. *Чепти көрүп кекчейип, Туюктанып кекчейип, Кантебиз деп мекчейип* («Эр Табылды»). *Белим барат мекчейип, Мойнум барат кекчейип* («Манас»).

**КЕКЧЕЙТ кекчей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКЧЕЙҮҮ кекчей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЧЕНДЕ** Башын чалкалатып кекендеп, керженде жүрүү. *Бугимовдун мойну кекчеңдей түштү* (Сасыкбаев).

**КЕКЧЕНДЕТ кекченде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕКЧЕНДӨӨ кекченде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЧИЛ** Кекенген кишисине ичи агарбаган, кегин, өчүн унутпаган, кек сактап жүрө берген. *Манаптар кекчил келерин билесиң, Солтобай эми сага колунан келген жамандыкты аябайт* («Кыргызстан аялдары»). *Ушунчалык кекчил экенсиң ээ* (Байтемиров).

**КЕКЧИЛДИК** Кегин унутпагандык, кек сактаган, кекчил абалда болгондук. *Кекчилдигин койбой, ичи агарбай жүрүп өтөт экен да* («Ала-Тоо»).

**КЕКЭЭР** Кээр сөз, кер какшык. – *Макул! – деди мейман абышка бир аз кекээр кылып* (Убукеев). *Чындап эле шылдыңдагысы келгендей ачуу кекээр менен күлүп калды* («Ала-Тоо»). *Гүлкайыр тымызын кекээр менен карап жылмайып койду* (Жантөшев).

**КЕКЭЭРДЕ** Какшыктоо, кээр сөз айтуу, кекээр сүйлөө. *Сен эмне бүгүн кекээрдеп сүйлөп калгансың?* (Жантөшев). *Атай кекээрдеп кабагын чытыды* (Бейшеналиев).

**КЕКЭЭРДЕН кекээрде** этишинин өздүк мамилеси.

**КЕКЭЭРДӨӨ кекээрде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕКЭЭРДҮҮ** Какшыктуу, кекээрдеп айтылган, кээр сөздүү. *Кемпирдин кекээрдүү кебине Таабалдынын куйкасы курушуп, төбө чачы тик турат* (Бектенов).

**КЕКЭЭРЛЕ кекээрде** менен бирдей. *Каныбек саал кекээрлей сүйлөдү* (Жантөшев).

**КЕКЭЭРЛҮҮ кекээрдүү** менен бирдей. *Базарбек анын кекээрлүү сөзүн жактырбаса да, болгон ишти айтуудан баш тарткан жок* (Каимов).

**КЕЛ** 1. Бир жерден экинчи жерге баруу, өтүү, барып түшүү. *Барпы үйүнө келгенде, көңүлү ачылып, кумары жазылып, жыргап калуучу* (Байтемиров). *Туулдум беле насыпсыз? Тутулуп келдим жазыксыз* (Токтогул). *Жаштар эмгектен келишкен соң, клубдарга топтошуп, эки-экиден бийлеп чыгышат* (Сыдыкбеков). *Жанты бир аздан соң мында келет* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөнү чакыруу, чакырып келтирүү иретинде айтылат. – *Апай! – деди ошол замат ажардуу карап Акия,– мындай келип отуруңуз* (Сыдыкбеков). 3. Жашка толуу, чыгуу. *Журт атасы Көкөтөй, Узагыраак карыптыр, Жетимиш бешке келгенче, Бала көрбөй калыптыр* («Манас»). *Жигиттин болор кези замандашы, Оролуп он жетиге келген кези* (Турусбеков). 4. Нерсенин көлөмүн, ченин, өлчөмүн, санын же кандайдыр бир сапатты, абалды белгилөө үчүн айтылат. *Киши бою келген чалкан. Жүз центнер келген эгин. Арыгынан келген орто бойлуу адам. Аял боорукер келет. Жарды-жалчы кайрымдуу келет.* 5. Жүрүү, согуу. *Жакадан жылуу жел келди, Жылуу жел жерге дем берди* (Шүкүрбеков). *Толкун келет, толкун келет өркөчтүү* (Бөкөнбаев). 6. Жыл мезгилинин же белгилүү бир учурдун, маалдын башталышын, пайда болуп, жаралып келаткан абалда экендигин билдирет. *Кыш келди. Жаз келди. Жай келди. Эл жайлоого көчөр*

*маал келди. Эгин орулуп, бышыкчылык башталар кез келди. Балдар окууга барар кез келди.* 7. Пайда болуу, болгондугу, бар экендиги сезиле баштоо, билинүү, туюлуу. *Жыт келди. Ис келди. Уйкусу келди. Көңүлү келди. Ачуусу келди.* 8. Атоочтук форма **-ган** аркылуу «келишкен», «мыкты» дегенди билдирет. *Бардык мүчөсү келген ат.* 9. Айткан-дегени, эңсегени, ойлогону, тилеги орундалуу, ордунча болуу, өзүндөй болуп чыгуу. *Сенин айтканың келди. Самаганың, тилегиң келди. Айтканыңдай келди. Сен ойлогондой келди. Анын болжогонундай келди.* 10. Негизги этишке айкашып, бир нерсени каалагандыкты, ниеттенгендикти, самагандыкты ж.б. билдирет. *Баргым келди Көргүм келди. Иштегиси келди. Уккуң келеби? Жегиси келет.* 11. Негизги этишке айкашып, «бир нерсе жөнүндө баяндайын», «жөнүн айтайын», «айта баштайын» деген мааниде колдонулат. *Дүнүйө көрбөй тыйынча, Чачканымдан келейин. Таластан качып жөө тентип, Кулунум качканымдан келейин* («Семетей»). 12. Негизги этишке айкашып, кыймыл аракеттин болгонун же болуп жатканын билдирүү үчүн колдонулат. *Ал күндөр көз алдына келип жатты* (Маликов). *Кыз азыр зымыраган машинада жолоочулап келе жатат* (Сыдыкбеков). *Жадырап-жайнап чыга келди* (Убукеев).

**КЕЛБЕР** 1. Кең, кенен. *Кең багалек келбер шым.* 2. *өт.* Келбеттүү, келишимдүү, көрүнүшү, сын-сыпаты келишкен. *Булар да кыйын ырчы экен, Өзүнчө сындуу келбери* (Токтогул).

**КЕЛБЕРСИ** Келбеттүү, сын-сыпаттуу болуп көрүнгөнсүү, ушундай болууга аракеттенүү. *Болуш келберсип ыңгыранып койду* (Сыдыкбеков). *Кебез бел боо, кең өтүк, Келберсиген көй кашка, Кечилдин каны Коңурбай* («Манас»).

**КЕЛБЕРСИН келберси** этишинин өздүк мамилеси.

**КЕЛБЕРСҮҮ келберси** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛБЕС ЖОЛГО КЕТҮҮ** Каза болуу, өлүү, дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Өчөгүшкөн эки душман колунан, Көптөн бери даярдаган огунан, Келбес жолго көп кетти* (фольк.). **В.: Келбес сапар жол тартуу.** *Ошол жылдын кышында атам келбес сапар жол тартты* («Кыргызстан маданияты»). **Келбес сапарга кетүү.**

**КЕЛБЕТ** Адамдын сын-сыпаты, турпаты, жалпы көрүнүшү, элеси, сымбаты. *Сулуунун көркү келбетте, Шурунун көркү берметте* (Токтогул). *Сабиранын келбети, чырайы кыздардыкынан кем эмес* (Сасыкбаев). *Келбетин көрүп болдум таң, Жаратылбайт мындай жан* («Сейтек»).

**КЕЛБЕТО** Жоого кийүүчү ок өтпөс кийим, тон. *Ок өтпөгөн келбето, Кийишермин дечү элем* («Манас»).

**КЕЛБЕТТЕ** Келбетин, көрүнүшүн мыктылоо, көркүнө чыгаруу, сын-сыпаттуу кылуу. *Сулуу кызды келбеттеп, келишимдүү жасап кийинтип алып келеринде, «сүйгөнүнө качып кетиптир» деген каңшаар угулат* («Ала-Тоо»).

**КЕЛБЕТТЕН келбетте** этишинин өздүк мамилеси.

**КЕЛБЕТТӨӨ келбетте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛБЕТТҮҮ** Көрүнүшү келишимдүү, сынсыпаттуу, келбети көркүнө чыккан. *Батийнанын кынап койгондой таза, келбеттүү мүчөсүнө күрөң кызыл жараша түшчүдөй* (Сыдыкбеков). *Зина аттуу келбеттүү кыз Сапарга ашык болду* (Сасыкбаев).

**КЕЛБЕТТҮҮЛҮК** Келбети келишкендик, көрктүүлүк, сулуулук, сымбаттуулук. *Сырткы келбеттүүлүгүнө караганда Жумабек токтоо жигит болчу* (Ашубаев). *Келбеттүүлүгүнө караганда келин-кыздардын сыйына татыктуу боло турган киши ушул* («Ала-Тоо»).

**КЕЛГЕР** Суу жеп кеткен жээк, жарча.

**КЕЛГИН** 1. Жылдын белгилүү мезгилинде келип, учурунда кайра кетип туруучу (канаттуу куштарга карата). *Келгин куштар. Келгин куштай улам жазга кайткандай, Мен да өмүргө улам кайра кайта алам* (Осмонов). *Көгөрүп жердин бак-шагы, Келгиндер келе баштады* (Шүкүрбеков). 2. Бир жактан келген, жергиликтүү кишилерден эмес. *Кербен сарайда конгон кишилердин кимиси жергиликтүү, кимиси келгин экенин билбейсиң* (Абдукаримов). *Далай үйдү мен быйыл, Жат келгинден арылттым* (Үмөталиев). *Пароход кайра жылды кош деп эми, Жаш келгин ылдам түшүп кала берди* (Осмонов).

**КЕЛДЕ** 1. *диал.* Баш. *Тетиги элүүдөн ашкан ак топу, Эмне үчүн кыймылдап, Козголуп калган келдеси?* (Токтогул). *Кечиккен сайын күчтүүсү, Кесе берди келдени* (Тоголок Молдо). 2. Тууралган эттин үстүнө кесип коюлган жылкынын чучугу, казысы.

**КЕЛДЕЛЕ** Жылкынын чучугун, казысын келде кылып кесип коюу.

**КЕЛДЕЛЕТ келделе** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЛДЕЛӨӨ келделе** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛЕ I** 1. Кымкап өңдүү кездемеге бастыруу үчүн колдонулуучу жезден жасалган ичке зым жип же алтын-күмүшкө буулатылган жип. *Азапты тартып мен жүрдүм, Келеден чапан мен түйдүм* («Эл адабияты»). 2. Абдан кымбат баалуу калың кездеме. *Келеден чапан мен түйдүм.*

**КЕЛЕ II** Бирөөдөн талап кылууну, бергин деп суроону билдирүүчү сөз. *«Келе бери ай балтаны!» – деген катуу кыйкырык*

*чыгып, боз үйдүн айланасына жете келген аттын дүбүртү угулду* («Ала-Тоо»). *Акман аке, келе комузду* (Сыдыкбеков).

**КЕЛЕ III** *диал.* Үй. *Өңгүрөп калган келеси. Көндүрүп алган ат коюп, Келеси болот* (Калыгул).

**КЕЛЕ БАКАН** *к.* **келе бакан, куу союл.**

**КЕЛЕ БАКАН, КУУ СОЮЛ** Чыр-чатакты жакшы көргөн, уруш десе тура жөнөгөн, уу десе, чуу деген, чуулгандуу. *Кандай келе бакан, куу союл жигиттердин жыйырмасын тандады* (Үмөталиев). *Буйругу жок, неси жок, келе бакан, куу союл боло баштадыңар го* (Осмоналиев). – *Ээ, балам, сенсиз деле кыргызда келе бакан, куу союл аз эмес,* – *деди Бурма* (Токомбаев). **В.: Келе бакан.** *Келе бакан жигиттер бир-бирине карап, таңданып туруштү* (Укаев). **Келе бакан, көк союл.** *Бул кайсы келе бакан, көк союл?*

**КЕЛЕБАЙ** Келесоо, кеңкелес. *Мени келебай кылба.*

**КЕЛЕГЕЙ** 1. Толук эмес, чала уюган, чалалыгы бар. *Келегей айран. Келегей тартып ирип туруп алды.* (Убукеев). 2. Таасын сүйлөй албаган, тили чалыштаган, тантык. *Тили баланыкындай келегей болгондуктан, ал «р» тамгасын «й» деп айтчу* («Жаш ленинчи»).

**КЕЛЕК** *диал.* Элечек.

**КЕЛЕКЕ** Тамашага, күлкүгө айланткан шылдың, шакаба. *Айрымдары табалары канып боору каткыча күлүп, келекеге айлантышты* (Бейшеналиев). *Келесоону токмоктоп, Келеке-шылдың кылышат* (Тоголок Молдо).

**КЕЛЕКЕЛЕ** Келеке кылып шылдындоо, мыскылдоо, шакаба кылуу. *Кыз-келиндер Момуштун ырын келекелеп күлүшөт* (Бөкөнбаев). *Араб элин тоотпой, кемсинтип, өспөй калган деп келекелейт* («Чалкан»).

**КЕЛЕКЕЛӨӨ** **келекеле** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛЕМЕ** Кебезден токулган жол-жол кездеме. *Келеме бото, кең күрмө* («Семетей» С.К.). *Келеме күрмө, кең жака, Келишимдүү, ок өтпөс, Тон мыктысын кийгиздим* («Манас»).

**КЕЛЕМЕ ШАРЫП** Ыйык сөз, куран. *Өзү семиз чапчактай, Кербен башы Рапшан, Келеме шарып тумарчан* («Кедейкан»).

**КЕЛЕМЕ ШАРЫП КАРМОО** Куран кармап ант берүү. *Ак буудай унун чайнады, Келеме шарып кармады* («Семетей»).

**КЕЛЕМЕК** Жаа, саадак.

**КЕЛЕМИШ** Көлөмү чоң келген талаа чычканы. *Гүлайым келемиштердин ийнин казып буудай табуу үчүн жөнөдү* (Абдукаримов). *Келемишке жедирбей, Кал түшүптүр дедирбей* (Үмөталиев).

**КЕЛЕНГЕР** *туурасы:* **келеңкер.**

**КЕЛЕНКОР** **келеме** менен бирдей. *Келиндерди мен көрсөм, келенкор чачпак салынып, Келген жери ылайык* («Эл адабияты»).

**КЕЛЕҢГИР** *туурасы:* **келеңкер.**

**КЕЛЕҢКЕР** 1. Ар кандай түстөгү кооз жиптерден түрдөлүп жасалган чач учтук. *Келеңкер чачпак кең соору, Керилген жеңең мен элем* («Сейтек»). 2. Кездеменин бир түрү.

**КЕЛЕП** Чыгырыкка түрүлбөй, эндей чалып койгон, жөнүнчө топтолгон жип түрмөгү. *Бир келеп жип. Күлүктөрдүн көкүлдөрү ак кебезден чырмалган келеп жип менен түйүлгөн* (Осмоналиев).

**КЕЛЕПТЕ** Жипти келеп-келеп кылып топтоо, чалуу, келеп жасоо. *Бир зайып жип келептеп жаткан эле* (Токомбаев).

**КЕЛЕПТЕЛ** **келепте** этишинин туюк мамилеси.

**КЕЛЕПТЕШ** **келепте** этишинин кош мамилеси.

**КЕЛЕПТӨӨ** **келепте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛЕР-КЕТЕР СӨЗДӨР** Боло турган же болуп жаткан иштин шартына ылайык кеңеш катары айтыла турган ар кандай сөздөр. *Келер-кетер сөздөрдү сүйлөдү* («Ала-Тоо»). *Келер-кетер сөздөрдү билип турган жан экен* («Эр Төштүк»). *Зуннахунга абдан таанышып калуу үчүн келер-кетер сөздөрдүн бардыгын айтышты* (Жантөшев). *Кайрат кыл...* – *деп келер-кетер сөздөрдү айтып, жетилигин өткөргөнгө жеткирбей орокко алып чыктык* (Медетов).

**КЕЛЕРКИ** Эмки боло турган, келе турган, эми болуучу. *Келерки жыл. Келерки жай. Келерки жолу. Келерки түшүм үчүн эртелеп кам көрө баштадык* («Кыргызстан аялдары»). *Ошентип, келерки жаз сөзсүз биздин жазыбыз болот!* (Сасыкбаев).

**КЕЛЕС I** **келесоо** менен бирдей. *Кедейлерди зардатып тартып алган мүлкү менен көөп жүргөн келестер да!* (Каралаев).

**КЕЛЕС II** **келемиш** менен бирдей. *Келес чычкандар.*

**КЕЛЕСИ** **келерки** менен бирдей. *Келеси базарга чейин жетсе болду* («Ала-Тоо»).

**КЕЛЕСОО** Макоо, акылсыз, кем акыл. *Бала күндөн келесоо, Эс-акылы такыр жок* (Тоголок Молдо). *Көрүнүшүнө караганда жинди же келесоо неме болсо керек* (Жантөшев).

**КЕЛЕСООЛОН** Макоолонуу, келесоолук кылуу. ‖ Келесоо сыяктанып көрүнүү, келесоо болумуш этүү.

**КЕЛЕСООЛУК** Акылсыз, келесоо адамга мүнөздүү жүрүм-турум, жорук-жосун, келесоолорго таандык сапат. *Келесоо чалыш дейсиң. Анын келесоолук кылганын кайдан көрдүң?* (Байтемиров).

**КЕЛЕТОТО** Куурайдын түрү. *Биз алтообуз келетото, акшакар аралашкан куурайдан эки күнү чаап жыйнап койгонбуз* (Жантөшев).

**КЕЛЕЧЕ** Шылдың, мыскыл, келеке. *Кыз-келиндер атамды бет алдыра бир катар келече сөздөрдү айтып өтүп кетишти* (Убукеев). *Эки калмак делдектеп, Келече кылат күн сайын* («Эр Табылды»).

**КЕЛЕЧЕК** Алдыда келе турган, боло турган, көздөгөн турмуш. *Келечек жөнүндөгү ой кимдердин акылын бийлебеген* (Абдумомунов). *Салима келечектин таттуу кыялына кирип ойлонду* (Абдукаримов).

**КЕЛЕЧЕЛЕ** Келече кылып шылдыңдоо, шакаба чегүү, мыскылдоо, келекеге алуу. *Шарипти отурган кыз-келиндер келечелей башташты* («Ала-Тоо»).

**КЕЛЕЧЕЛӨӨ** **келечеле** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛЖЕЙ** **калжай** менен бирдей.

**КЕЛЖИР** **келжирек** менек бирдей. *Сен да өзүңчө келжир сөздөрүңдү айтып калууга шашып турасың го!* («Ала-Тоо»).

**КЕЛЖИРЕ** Мааниси жок сүйлөй берүү маңызданып көп сүйлөө, – *Эй Чегиртке, сен эмне деп келжирейсиң?! – деди Чаргын чечкиндүү кайталап* (Сыдыкбеков). *Келжиреп мында турганча, Бая эле кемеге жакка бет албай* («Эр Табылды»). *Ал укканын келжиреп айта берүүчү неме* (Абдукаримов).

**КЕЛЖИРЕК** Келжиреген маңыз, көп сүйлөгөн келжир. *Келжирек адам.*

**КЕЛЖИРЕКТИК** Маңызданып көп сүйлөгөндүк, келжирей бергендик.

**КЕЛЖИРЕТ** **келжире** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЛЖИРӨӨ** **келжире** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛИК** Сылык, момун, созулган. *Келигисиң жаштардын, Кеңештин ишин аткардың* («Эл адабияты»).

**КЕЛИМ-КЕТИМ** Бири-бирине катышып, келип-кетип туруу, өз ара байланышуу мамилелери. *Анчалык опур-топур, келим-кетимдери да жок* (Байтемиров). *Атай – келим-кетимге кенен, балпаң-булпаң киши* (Бейшеналиев).

**КЕЛИН** 1. Уулунун же инисинин аялы. *Келини Сабийра кемпирдин көйнөгүн өз оюндагыдай көйкөлтүп кең да, узун да бычып, кептүү, жарашыктуу тиккен* (Сыдыкбеков). *Келинге босогосун аттатканда, Умсунай апа чачыласын эшигинен төрүнө чейин чачкан* (Сасыкбаев). 2. Жалпы эле өзүнөн кичүү туугандарынын (инилеринин) аялы, келинчеги. *Бул киши сизге келин болот, аксакал, күйөөсүнүн сиздерге инилик жайы бар* («АлаТоо»). 3. Турмушка жаңы чыккан келинчек же жалпы эле жаш аялдарга карата колдонулуучу сөз. *Кыр мурун келген сулуу келин экен* (Абдукаримов). *Акия оңой менен кеп берүүчү келин беле* (Сыдыкбеков). *Махбуратхан эмгекте такшалган кайраттуу келин* («Кыргызстан аялдары»).

**КЕЛИН ЖҮГҮН** *диал.* Жаачы, жаа.

**КЕЛИН-КЕСЕК** Жаш аялдар, келиндер. *Бай тышта жүргөн кызы Сайкалды, келин-кесектерин да үйүнө киргизип алды* (Убукеев).

**КЕЛИНЧЕК** Жаш келин. *Жамийла дагы жумушка кайраттуу, мыкты келинчек* (Айтматов). *Сулуулугуна жараша келинчегиңдин аты да өзүнө ылайыктуу коюлуптур* (Сасыкбаев).

**КЕЛИРКИ** *туурасы:* **келерки.**

**КЕЛИШ** 1. Бирине бири макул болуу, пикири, ою бирдей чыгуу, бир бүтүмгө келүү, макулдашуу. *Жоргонун баасын бычып, сатуучу да, алуучу да өз ара келише турган болгондо, ичи тарлык кылган бирөө ортого түшүп, ээсин айнытты* («Ала-Тоо»). *Экөө шаарга бирге жөнөйлү деп келишти* («Ала-Тоо»). 2. Бири-бири менен таттуу мамиледе болуу, бирине-бири көнүп, ынтымакташуу, таттуулашуу. *Менин келише албаган, каалабаган адамым менен кантип бирге иштешсем болот!* («Чалкан»). *Эки жаш келише албады деп, ажыраштырып коё салгың бар го?* («Ала-Тоо»). 3. Жарашуу, ылайык келүү, төп келүү, келишимдүү болуу. *Сулуунун жөнү келишпейт Бермет, шуру тагынбай* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жабуусу келишип турган, мыкты жасалгаланган боз үй эле ушул экен* («Ала-Тоо»).

**КЕЛИШИМ I** Кандайдыр бир иш, маселе боюнча эки тараптын ар бирине тийиштүү милдеттер, максаттар, шарттар ж.б. көрсөтүлүп, өз ара макулдашылып кат жүзүндө жазылган бүтүм, чечим. *Тынчтык келишими. Келишим түзүү.*

**КЕЛИШИМ II** Көзгө мыкты көрүнгөн, келишкен келбет, сымбат, чырай, жарашык, көрк. *Келишими келген кыз.*

**КЕЛИШИМДҮҮ** Келишими, келбети келишкен, сымбаттуу, сыны көрктүү, кооз, жарашыктуу. *Келишимдүү ат. Келишимдүү жигит. Келишимдүү келин. Келишимдүү Арзыкан, Келемин деп алдайсың* (Барпы). *Каныкейдин Ак сарай, Келишимдүү бир далай* («Манас»).

**КЕЛИШКЕН** Келбети, көрүнүшү же башка сапаты мыкты, кооз, баа жеткис, бардык жагынан төп келген. *Келишкен жылкы. Келбети келишкен жигит.*

**КЕЛИШПЕСТИК** **келишпөөчүлүк** менен бирдей.

**КЕЛИШПӨӨЧҮЛҮК** Пикири, көз карашы ж.б. жагынан экинчи тарап менен келише албоочулук, келишпестик, макул болбоочулук, элдешпестик. *Келишпөөчүлүк пикир.*

**КЕЛИШТИР** Аябай мыкты кылуу, келбетине чыгаруу, көркүнө келтирүү. *Келиштире салынган үй. Келиштирип тиккен кийим.*

**КЕЛИШТИРҮҮ** **келиштир** этишинин

кыймыл атоочу.

**КЕЛИШҮҮ келиш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛИШҮҮЧҮ** Келишип кетүүчү, принциптен тайып, келишүүчүлүк саясатын жүргүзүүчү.

**КЕЛИШҮҮЧҮЛҮК** *саяс.* Кызыкчылыктан, принциптен тайып, өз каршылаштары менен келишип кетүүчүлүк, алар менен келишүү, элдешүү саясатын жүргүзгөндүк.

**КЕЛКИ** 1. Жазы, туташ, бир бүтүндөн турган, өзүнчө бир тилке болуп саналган. *Келки-келки кесилген жука тактайлардан ичине тууралап коюп чыкты* (Таштемиров). *Аш-тойдогу жорук-жосундар – турмуштун элестүү келкисинин бири* (Токомбаев). 2. Чакан, чак, кичине. *Кең көкүрөк, тайган төш, Келки туяк кең соору* («Сейтек»).

**КЕЛЛЕ** *туурасы:* **келде.**

**КЕЛМЕ** Ислам динин туткан адамдардын кудайдын бирдигин, Мукамбет анын элчиси экендигин ырастоо, моюнга алуу, ага ишенгендигин айгинелөө үчүн айтылуучу атайын формула (ла аллахи иллалла, Мухаммед Расул Алла – Бир Алдадан башка Алда жок, Мукамбет Алданын элчиси). *Тилиме келме келтирип* («Манас» С.О.). *Төрөлөрдүн жаны оозуна келип, келмеден башканы айтпай калышты* (Абдукаримов). *Оозунда келме, Башында селде* (Тоголок Молдо). *Кээси ичтеринен келме келтиришти* (Сыдыкбеков). *Айта бергин келмеңди, Акка мойнуң сундуң – деп* («Эл адабияты»).

**КЕЛМЕ КЕЗЕК** Кезектин ирети, кайталанып келип турушу, көбүнчө, таба кылуу иретинде айтылат. *Айлаңды кудай тапты-бы? Келме кезек келдиби?* (фольк.). *Келме кезек экен го, Минтип, эркегибиз кул болдук* (фольк.).

**КЕЛМЕ КӨЙ** Дайыма кудайга жалына берүүчү адам, такыба чалыш киши. *Келме көйдүн барысы, Кайрат кылар заманы* («Манас»).

**КЕЛМЕ ШААДАТ** 1. Келмени жарыя айтуу, үн чыгарып келме келтирүү, мусулман экендигин күбөлөө, далилдөө. 2. Кандайдыр бир фактыга далил берүү үчүн күбөлөндүрүү көрсөтмө. *Келме шаадат келтирип* («Манас» С.О.).

**КЕЛМЕСИ ООЗУНАН ТҮШҮҮ** Эси чыгып алдастоо, эмне дээрин билбей калуу, дапдаарый түшүү, өзүн жоготуп коюу (көбүнчө катуу коркуп кеткен учурга карата). *Келиндер бул кемпирдин келмеси оозунан түшүп калганын сезишти* (Жусупов).

**КЕЛПИЙ** Сыны, келбети-кешпири бузулуу, кемшийген жаман көрүнүштө болуу. *Келпийген чара.*

**КЕЛПИЙТ келпий** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЛПИЙҮҮ келпий** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛТЕ I** Тиф оорусунун бардык түрлөрүнүн жалпы аты. *Келте оорусу.*

**КЕЛТЕ II** Эски мылтыктын бир түрү. *Ак келте. Боз келте. Кара келте. Бараңдын үнү зыркырап, Келтенин үнү чыркырап* («Манас»). *Келтенин огу кеспеген, Бараңдың огу батпаган* («Сейтек»).

**КЕЛТЕ III** Кыска, чолок, кичине. *Келте бакай, төө өркөч, Жүнү таза кундуздай* (Осмонкул). *Көк жон, келте куйрук дөбөт карышкыр ыркырап койду* (Токомбаев). *Өмүрүн келте бергенби* (Токтогул).

**КЕЛТЕ БОЗ** Бүркүттүн бир түрү. *Келте боз салсаң кең кылат, Бар шайманың тең кылат* (Каралаев).

**КЕЛТЕЙ** 1. Кыскаруу, чолок тартуу, келте көрүнүү. 2. Бир жагын көздөй кыйшайып калуу, кыйшык болуу, кыйшаюу. *Чапаны шөлбүрөп, суу этек жагына сарыгып, келтейип кеткен* (Байтемиров). 3. *өт.* Ийменүү, ыйба кылуу, тартынуу. *Кайнага калтайбаса, келин келтейбейт* (макал).

**КЕЛТЕЙТ келтей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЛТЕЙҮҮ келтей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЛТЕК** Таяк, союл. *Жөө-жалаң чыйыр кууп, келтеги менен как сайгылап калган кез* (Касымбеков). *Келтек жейсиң жонго дейт.*

**КЕЛТЕКТЕ** Таяктоо, таяк менен уруу, сабоо. *Келтектеп жатып койдура албаган адатын эми ата-энеси тыя алгыдай эмес* («Ала-Тоо»).

**КЕЛТЕЛИК** Кыскалык, чолоктук.

**КЕЛТЕЧЕК** *диал.* Жеңи жок тигилген күрмө, сырт кийим.

**КЕЛТИР кел** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЛҮҮ кел** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМ** 1. Саны, көлөмү ж. б жагынан толук эмес, аз, кемиген, жете бербеген абалда, кемчилдиги бар. *Кем берип, ашык алып пайда тапты* (Борбугулов). *Кыштактан берки жол эки чакырымдан кем эмес го* (Сыдыкбеков). *Элдин саны өгүнкүгө караганда он-он беш кишиге кем* («Ала-Тоо»). *Мамбеткул өмүрүндө кем болуп өткөн адам эмес* (Каимов). 2. Акыл-эси, кадыр-баркы, жүрүм-туруму ж.б. жагынан башкалардан төмөн, өз катарындагыларга тең эмес. *Андай кемдин колунан келе койчу иш болсо, мен ушинтип убара болот белем* («Ала-Тоо»). 3. Ондуктан, жүздүктөн, миңдиктен турган төгөрөк сандарга канчасы жетпегендигин көрсөтүү үчүн колдонулат. *Бири кем элүү. Беши кем жүз. – А сиз, канчадасыз? – Бири кем отузда* («Ала-Тоо»).

**КЕМ АКЫЛ** Акылсыз, түшүнүгү начар, акылы тайкы. Дүйнөгө *кызыккан кем акыл ашып кетсе менчелик болор* (Сыдыгалиев). *Ал буларды ойлобогон кем акыл, көөдөк* (Саа-

тов). *Тамашаны билбеген кем акыл неме го, деп Баккоргон ичинен иренжийт* (Осмоналиев).

**КЕМ БАА** Арзан, кымбат эмес. *Сен мени кем баа кылба!*

**КЕМ КАЛБОО** Калышпоо, тентайлашуу, тең болуу, барабар келүү. *Ташбайдын баласы Ашымдан кем калбайт* (Сыдыкбеков).

**КЕМ-КАРЧ** Оокат-тиричиликтеги ар кандай муктаждык, зарыл болгон нерселер, керектөөлөр. *Кем-карчыңа жаратып ал деп, атасы уулуна тыйын берди* (Бейшеналиев). *Бир тууган иним бүгүн Анжиянга жөнөп баратат. Кем-карчымды Анжиян тараптан ала келгендей болсун* (Жантөшев).

**КЕМ ТААЛАЙ** Бактысыз, таалайсыз, ырысы жок. *Кем таалай жаратылган бир шордуу эле.*

**КЕМ ТУМШУК** *к.* **кара тумшук.**

**КЕМАНТАЙ** *туурасы:* **кементай.**

**КЕМАНЧА** *муз.* Азербайжан, армян, грузин жана дагестандыктардын байыркы жаалуу тартма музыкалык аспабы.

**КЕМБАГАЛ** Колунда мал-мүлкү, байлыгы жок кедей, жарды. *Кембагалдар түтө албай, Калыңы өтө кучтүү кыз* («Эл адабияты»). *Кандайдыр бир кыйкым таап, кембагалды кордоо – Адыкелердин көңүлүндөгү иш* (Сыдыкбеков). *Баарыбыз тең кембагал тугандарданбыз* (Абдукаримов).

**КЕМДИК** 1. Жетише бербегендик, кем экендик, аздык. *Оокаттын кемдиги. Акчанын кемдиги.* 2. Акыл-эси, кадыр-баркы төмөн экендик, начарлык. *Өзүнүн кемдигинен ушинтип тентиреп жүрбөйбү, болбосо буга ким кырсык кылайын десин* («Чалкан»).

**КЕМЕ** Жүк ташуу, балык же башка деңиз айбандарына уу кылуу, согушка колдонуу үчүн ылайыкталган ири суу транспортунун жалпы наамы. *Ысык-Көлдөн жүрүп кетсе кемеси, Чагылышып көлдө жүрөт элеси* (Токомбаев). *Кемелер сүзгөн көгүлтүр Днепр жээгин сүрөттөп, Мыскалды кызыктырышкан* (Сыдыкбеков). *Самолётто, же кемеде – деңизде, Чайканада, тойдо – тасмал четинде* (Сахгами).

**КЕМЕ БАЙЫР** Кемелер токтоочу жай.

**КЕМЕГЕ** Казан асууга, от жагууга ылайыкталып, жерди оюп же жээгин кырдап жасалган очок. *От жагылган кемегеде чоң казан эт кайнап жатат* («Ала-Тоо»). *Ушул кемегеге чай кайнатып ичип алалы* (Жантөшев). *Кемегесинде он эки карыш казан* («Ала-Тоо»).

**КЕМЕГЕ БАЙГЕ** Анчалык даңазалуу эмес, өтө чоң эмес, чакан ат чабыш. *Быйылча жетилтип, байгеси болобу, башкасы болобу, эмки жылы чабайын деп, сактанып жүргөн Кылычбек бу жолу кызып кетип, быштысын кемеге байгеге кошуп жиберди* (Жакыпбеков). **В.: Көр байге.** *Бүгүн кылдым көр байге, эртең кылам чоң байге* (фольк.).

**КЕМЕГЕ ЖАРЧЫ** Чоң ашта, атактуу тойдо кемегелерде бышып жаткан эттерди бышырып туруучу, анда бышып жаткан эттерди башкаларга талаттырбай карап туруучу адам. *Кемегенин жарчылыгы, Тубарбайга анык тийип, анын кылаар укугу ушу, Эт иреттейт, үнү бийик* (Чоробаев).

**КЕМЕГЕ ЧАБУУ** **кемеге байге** менен бирдей. *Кетип калат курчу деп, Кемегеге чаппаган* (Калык).

**КЕМЕГЕДЕН МАЙ АГУУ** Мал көп союлуп, тамак-аш ашып-ташып туруу, абдан берекелүү болуу. *Тоюңарга бээ союп, кемегеңерден май агып жаткан күнү эгин сурап силерге келип отурам* (Жантөшев).

**КЕМЕК** *туурасы:* **кемээк.**

**КЕМЕЛ** 1. Толук бүткөндүк, кемчиликсиздик. 2. Жетилген курак. *Мурадын таап албаса, Кемел да болсо уул карып* («Эл адабияты»). 3. Чоң, бийик, зорлуктун жогорку өлчөм-ченеми. *Акыл жетпес кемелиң* («Манас» С.О.).

**КЕМЕЛИНЕ КЕЛҮҮ** Баралына жетүү, жетилүү, толуу. *Кемелине келбеген, Күч салышкан мен менен* («Манас»). *Кежир чыктың, ой Төштүк, Кемелиңе келбегин, Келерки күздү көрбөгүн!* («Эр Төштүк»).

**КЕМЕНГЕР** Акылман, даанышман, жол башчы, жетекчи. *Өмүрлүк жашайт жүрөктө, Өлкөнүн уулу кеменгер* (Нуркамал). *Калыгул бай уулу акылман, кеменгер адам болгон* («Ала-Тоо»). *Алмамбет, Чубак эгиз эр, Калың кыргыз журтуна, Кайраты ашык кеменгер* («Манас»).

**КЕМЕНЕК** **кементай** менен бирдей, *Кеменек кийгенден түңүлбө, кепин кийгенден түңүл* (макал).

**КЕМЕНТАЙ** Кийизден жасалган сырт кийим. *Кементайын керсейтип* («Манас» С.К.). *Үстүндө кара баркыт жакалуу ак кементай* (Жантөшев). *Кайырдын аппак кементайы учкан ак куунун канатындай жайылып, шамал менен кошо калкыды* (Токомбаев).

**КЕМЕР I** Сырткы бети алтын, күмүш, асыл таштар менен кооздолгон жазы кайыш кур. *Аркага найза матырды, Кемердин четин жапырды* («Манас» С.О.). *Камалбек кемерин кармап чалкалай калды* (Жантөшев). *Алтын кемер курчанган, Айдай беттен нур тамган* («Семетей»). *Кара тукаба күрмөсүнүн сыртынан күмүш кемерин жаркырата курчанган Алымкул ырчы отурат* (Каимов). *Күрмөсүн чечип курчанды, Күмүштөн Карач кемерин.*

**КЕМЕР II** Суу жеп кеткен жээк, жар, жарча. *Тентек-Сайдагы кемердин ыктоосуна келип конгон үйдү көздөй бет алдык* («Ала-Тоо»). *Ойлонуп баратып, так алды жагынан бийик кемерди көрө койду* (Абдукаримов).

**КЕМЕРДҮҮ** Кемер болуп калган, кемер-

ге айланган, кемери бар. *Эки дөңдүн ортосундагы кемердүү сай* (Токомбаев).

**КЕМЕРЛЕН** Кемер болуу, жарга айлануу. *Таманы эшилген кызыл кумдуу тар сай, эки жагы кемерленген боз чап* (Касымбеков).

**КЕМЕРЛЕНТ кемерлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМЕРЛЕНҮҮ кемерлен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМЕЧ** *туурасы:* **кемээч.** *Кемеч салып оозуна, Келтирип Жаңыл байлады* (Тоголок Молдо).

**КЕМЕЧИ** Кеме айдоочу, кайыкчы, кеме айдап, дарыянын бир өйүзүнөн экинчи өйүзүнө элди, транспортторду өткөрүп туруучу адам. *Балыкчы шаары азыркы күндө темир жолчулардын, кемечилердин, өндүрүшчүлөрдүн гүлдөгөн шаары болуп калды* (Убукеев). *Дарыянын боюнда жолоочуларды ташып өткөрүп тура турган Харко деген кемечи болгон экен* (Бөкөнбаев).

**КЕМЕШТЕ** *туурасы:* **кемээчте.**

**КЕМЗААРА** Алсыз, кубатсыз. *Карылык деген балакет кемзаара кылып бараткан* (Абакиров).

**КЕМЗЕЛ** *туурасы:* **кемсел.** *Бол, алдагы баркыт кемзелди чечип тигил устундардын үстүнө ыргыт* (Сыдыкбеков). *Барпы кемзелин кийүүгө да шайы келбей, ичигин желбегей жамына чуркаган экен* (Байтемиров).

**КЕМИ** 1. Сан, көлөм жагынан аз, кем болуу, азаюу, мурдагы толук абалынан өзгөрүү, кем болуу. *Бир челек майдан колхоз кемибейт* (Сыдыкбеков). *Күндөн-күнгө кемий берген байлыгыңдын ордун толтуруп оюңдагыны аткарып берейин дебедимби* («Ала-Тоо»). *Эр жигит бирде жанар, бирде азар, Деңиздей бирде кемип, кээде ашар* (Осмонов). *Ах, дүйнө ай, кээде шунтип, күткөн максат, Ойдо жок, кылдай жерден кемип калат* (Абдыраманов). 2. *өт.* Мурдагы күч-кубатынан, кадыр баркынан, максатынан таюу, абалы өзгөрүү, төмөндөө, басына баштоо. *Карысаң – эрдигиңди айтпа, Кемисең – байлыгыңды айтпа* (макал). *Кетилген экен туягым, Кемиген экен сыягым* («Манас»).

**КЕМИК** Сөөктүн (көбүнчө жиликтердин) көпшөк, жумшак бөлүгү. *Устукан сөөктө кемик бар* («Эр Төштүк»).

**КЕМИКТЕ** Кемик кемирген сыяктуу четинен кичинеден кертип берүү, бир нерсенин четинен жукалап алуу. *Соку жасаган абышка дөңгөчтү кемиктеп чаап отуруп, бир жумада ичин үңүп ала баштады* («Ала-Тоо»).

**КЕМИКТЕТ кемикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМИКТӨӨ кемикте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМИНДЕ** Аз дегенде, жок эле дегенде, эң эле болбоду дегенде. *Бир жылда бир саан уйдан эң кеминде 4 миң килограммдан сүт саап алууга болот. Кеминде жыйырмадай адам кенен бата турган орто бөлмөдөн төртөө экен* («Ала-Тоо»).

**КЕМИР** 1. Кемикти же башка катуу нерсени кашка тишке салып кетүү, кажуу, кемиктеп чайноо. *Көк, алманы кемиргениңди койбодуң го* («Жаш ленинчи»). *Суулугун кемирген кер жоргонун дабышы сырттан угулган сайын менин да шаштым кетип, бат эле чыга калайын деп турдум* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Жемеге алуу, тилдөө, жер-жеберине жетүү. *Касымбек келип демигер, кары-жашың кемирер* (Тоголок Молдо).

**КЕМИРГИЧ кемирүүчү** менен бирдей.

**КЕМИРЕЙ** 1. Кемшейүү (оозунда тиши түшүп калган кишилерге карата). 2. Нерсенин бир жак бөлүгү урап, бузулуп калуу, кейпи кетүү.

**КЕМИРЕЙТ кемирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМИРЕЙҮҮ кемирей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМИРЕҢДЕ** Кемшеңдөө, кемшең-кемшең этүү. *Кемиреңдеп көз арткан, Хан Бөкөй эмес акебиз* («Саринжи-Бөкөй»).

**КЕМИРЕҢДЕТ кемиреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМИРЕҢДӨӨ кемиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМИРТ кемир** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМИРҮҮ кемир** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМИРҮҮЧҮ** Өсүмдүктөрдү кемирип, кажып жиберүүчү, маңдай тиштери абдан өскөн коён, чычкан ж.б. жаныбарлардын жалпы аты.

**КЕМИРЧЕК** 1. Омурткалардын, жиликтердин ж.б. бири-бирине туташкан жериндеги анча катуу эмес, ийилчээк келген кемирчек. 2. Тамырын казып жей турган, өзөгү солкулдак, жалбырагы тикендүү келген жапайы өсүмдүк. *Белдин бетинде көйкөлгөн шибер, жалпайып жаткан кемирчек, баш аламан чыккан түрдүү майда чөп* (Байтемиров).

**КЕМИТ кеми** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМИТҮҮЧҮ** *мат.* Кемий турган сандан алынуучу сан.

**КЕМПАЙ** Бирөөнү кемсинтүү, жаман жагын көрсөтүп кодулоо үчүн колдонулат. *Ага кошулган кемпай ким болду экен?* («Чалкан»). *Чындыгында кемпайлар, Өзүнө өзү кас киши* (Шүкүрбеков). *Кудаке сүйлөйт баркылдап, Кемпайдан кегим алдым деп* («Олжобай менен Кишимжан»),

**КЕМПИР** Жашы улгайган, карыган аял. *Гүлсаана деген бир кемпир бар, атасы жокту асырайт, жылаңач барса кийгизет* (Токтогул). *Ушул эле датканын энеси ал-*

*буут кемпир эле* (Токомбаев). *Этият менен кемпирди самолётко салышты* (Бөкөнбаев). *Бир күнү үйдө отурсам, оң колуна таяк таянып, сол колун кайкалаган белине коюп кемпир кирди* (Өмүрбаев). *Кемпир менен абышка, Ырайым кыл Кудайым* (Казыбек).

**КЕМПИР-КЕСЕК** Карыган, жашы улгайып, жашап калган аялдар. *Кемпир-кесектер тойго арналган тамактарды бышыруу менен алек болууда* (Жантөшев).

**КЕМПИР ӨЛДҮ** *этн.* Үйлөнүү ырасмилеринин бири. Күйөө баланы отко киргизүүдө кемпирлердин бири үйгө киргизбей босогого жатып алат да, күйөө баладан ыраазычылык талап кылат.

**КЕМСЕЛ** Ичи ичтелип же эндей тигилген, этеги тизеге чейин келген сырт кийим.

**КЕМСИН** Кимдир бирөөдөн же көпчүлүктөн корунгансып чүнчүү, басынуу, өзүн башкалардан кем саноо.

**КЕМСИНТ кемсин** этишинин аркылуу мамилеси. *Жанымда сен турганда корунамын, Көп айтып бекер мени кемсинтпегин* (Үмөталиев).

**КЕМСИНҮҮ кемсин** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМТИК** 1. Кемиген, толук болбогон жери бар, жетишсиз, кемчил. *Оокаттан, кийим-кечеден кемтик болгудай эмеспиз* («Ала-Тоо»). 2. Кетилген жери бар, тегиз эмес, бүтүн эмес. *Тракторго бурама, Кемтигине курама* (Осмонов). 3. Кемчилдик, айып, анча жете бербеген, ойдогудай болбогон жери бар. *Кемтиги жок кебинде* («Манас»). *Эмгектин ушуга окшош сулуусунан, Сын тагып кандай адам кемтик табар* (Турусбеков).

**КЕМҮҮ кеми** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМҮҮЧҮ** *мат.* Кемий турган сан, алынуучу сан.

**КЕМЧАТ** 1. Териси баалуу анча чоң эмес жандык. 2. Кундуз, суусар ж.б. териси баалуу жандыктардын жалпы аталышы. 3. Баалуу аң терисинен жасалган баш кийим. *Кара кемчат – кундуз бөрк* («Манас» С.О.). *Кемсели тубар, кемчат бөрк, Керилип басып түрлөнүп* (Тоголок Молдо).

**КЕМЧЕТ** *туурасы:* **кемчат.**

**КЕМЧИЛ** Кем, жетишсиз, толук эмес, бир нерсе жетише бербеген, зарыл болгон абалда. *Малга кемчил, башка чукак элем* (Жантөшев). *Күмүшай апа бир нерседен кемчил болот экенмин деп ойлоочу эмес* (Абдумомунов). *Эгин суудан кемчил болгудай шарт эмес го* («Ала-Тоо»).

**КЕМЧИЛДИК кемчилик** менен бирдей.

**КЕМЧИЛИК** 1. Кемчил жагы бар экендик, жетишсиздик, жетише бербегендик, жокчулук. *Калган-каткан кемчиликтерин дагы акылдаша жатарбыз* (Жантөшев). *Оокат-тиричиликтен, кийим-кечеден кемчилиги болсо кайрыла жүргүлө* («Ала-Тоо»). 2. Жүрүм-турумунан, ишинен ж.б. жагынан кетирилген каталык, айыптуулук, жаңылыштык. *Кемчилигин бетке айтуу. Кемчилигин моюнга алуу.*

**КЕМШЕГЕЙ** Оозунда тиши жок, сыны кетип, карыган, кемшейген адамга карата айтылат.

**КЕМШЕЙ** Тиши түшүп, сыны кетүү, кемшийип карыган кебетеде болуу. *Кемпир кемшейген оозун бек кымтып, күйүт ташкынын басмак болду* (Касымбеков).

**КЕМШЕЙТ кемшей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМШЕЙҮҮ кемшей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМШЕҢ-КЕМШЕҢ ЭТҮҮ** Тиши жок, кемшейген ээктин кыймылына, көрүнүшүнө карата айтылат (кары адамдын). *Эненин жумшак беттери кыймылдап, эриндери кемшеңкемшең этти* (Сыдыкбеков).

**КЕМШЕҢДЕ** Кемшең-кемшең этүү, тиши жок ээгин кемшең-кемшең эттирүү. *Балачаканын көзүнчө кемшеңдей бербей жөн отурсаңчы* («Чалкан»). *Демейде жашык Умсунай кемшеңдеп, эриндери чойроё баштады* (Сасыкбаев).

**КЕМШЕҢДЕТ кемшеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕМШЕҢДӨӨ кемшеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕМШИК** Ээгинде тиши жок, кебетеси кеткен, кемшейген көрүнүштөгү адамга карата айтылат.

**КЕМШИҢДЕ кемшеңде** менен бирдей.

**КЕМЭЭЧ** Азоо малды (көбүнчө жылкыны) үйрөтүү, жетелөө үчүн алдыңкы же үстүнкү эрдин болгооч салып байлаган кайыш же жип.

**КЕМЭЭЧТЕ** Азоо малдын оозуна кемээч салуу. *Азоо тайдын кемээчтеген кайышы да жылбышып, учка-түпкө тийип жөнөдү* («Ала-Тоо»).

**КЕМЭЭЧТӨӨ кемээчте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕН** 1. Жер алдынан казылып алынуучу темир, жез, коргошун, сымап, сурьма, алтын, көмүр ж.б. сыяктуу жер байлыктары. *Темир кени. Таш көмүр кени. Пайдалуу кендер. Эрди даңазалаган – эли, жерди даңазалаган – кени* (макал). 2. Ушундай жер байлыктарын казып алуу иштерин жүргүзгөн объектилер жана ушуга байланыштуу атайын өнөр жай мекемеси. *Кенге кетүүчү машинаны күтүп, автогараждагы диспетчер бөлмөсүндө отурууга туура келди* (Сасыкбаев). *Мындан бир нече ай илгери Мамбет Кызыл-Кыя кенине келген* (Элебаев). 3. *өт.* Бир нерсенин өтө мол, бай, абдан көп экендигин билдирүүдө колдонулат. *Калем алып жазайын, Казалдын кенин ачайын*

(Осмонкул). *Чымчыктары сайраган, Куштун кени – Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**КЕНАФ** Буласы текстиль сырьесу катары жумшалуучу, түштүк жактарда өстүрүлүүчү куурай өсүмдүгү.

**КЕНГУРУ** Австралияда жашоочу, арткы буттары узун, алдыңкы буттары кыска, боорунда баштыкчасы бар, секирип жүрүүчү, сүт эмүүчү жаныбар.

**КЕНДЕ** Кыска, кодоо, корто. *Мен таанып бир кенде неме отурган экен.*

**КЕНДИР** Буласы мүшөк, таар согууга, аркан, жип жасоого керектелүүчү өсүмдүк, кара куурай жана ушул өсүмдүктүн буласы. *Кээ бир үйлөр айланасындагы бийик өскөн кендир менен эрменден араң байкалат* (Сыдыкбеков).

**КЕНДИРБАШ** Кара куурайдын аты.

**КЕНДИРИ КЕСИЛҮҮ** Бир нерседен кемчил болуп, анын азабын тартуу, өтө муктаж болуп, кыйынчылык көрүү, аргасы түгөнгөн абалда калуу. *Анын кендирин ушул гана кесип турду* (Касымбеков). *Кейпи, жолдош Ажымуратов жооп берейин дегиче телефон бузулуп калып, анын да кендирин кесип жаткан окшобойбу* («Чалкан»). *Кендириңер кесилбесин ушактан, эй, адамдар, адамдар сак болгула!* (Салгамани). *Шабыралы жокчулуктун жармоосу кендирин кесип, жайлоо бетин көргөн жан эмес* (Жоошбаев). *Кендирим кесилип, бала-чакама жете албай отурбаймбы* («Чалкан»).

**КЕНДҮҮ** Кен чыккан, кен байлыктары мол. *Өзүм тапкан кендүү тоого алып барсам* (Сыдыкбеков). *Ала-Тоо кендүү жеримде, Ак калпак кыргыз элимде* (Осмонкул).

**КЕНЕ I** Кичинекей кан соргуч мите. *Жер кене. Төө кене. Көк кене. Таш кене. Сорсо да бизди таш кене, Бизге болгон ата-эне, Киндик кан төгүп өскөн жер* (Турусбеков).

**КЕНЕ II** Тоотуу, көңүлүнө, оюна алуу, эсептешүү (бирок терс формасында гана колдонулат). *Эрке кыздын кенебей отурушу жаккан жок* (Байтемиров). *Мунун кенебей сүйлөп турганын көрчү* (Абдукаримов). *Оор жүктүн оордугуна кенебей, Чымырканат намыстанган немедей* (Осмонов).

**КЕНЕБЕС** 1. Коркууну, кооптонууну билбеген, эчтемени капарына албаган, чыдамкай, кенебеген, анча-мынчаны тоотпогон, көңүлүнө албаган. *Зың-зың этип кенебес, Кандай баатыр болсо да Бучкагына теңебес* («Сейтек»). *Бюрократпы же жөн эле кенебес немеби?* (Каимов). 2. Кайдыгер. *Барды-жокту билбеген кенебес адам экен* («Ала-Тоо»). 2. Кайдыгерлик.

**КЕНЕБЕСТИК** Кенеп койбогондук, тоотпогондук, көңүлүнө албагандык. *Кенебестигиңден далайды көрөрсүң, балам, алды-артыңды байкасаң боло!* («Ала-Тоо»).

**КЕНЕДЕЙ** Тырмактай, кичинекей. *Балалык кезде баш кошуп, Кенедей күндө кезигип, Бир дайрадан чалкыдык* («Сейтек»). *Чоңдордун жемеси Орусбектин сезимине кенедей таасир этпеди* (Сыдыкбеков). *Энем эмгектенүүдөн кенедей да жадабаган адам* («Ала-Тоо»).

**КЕНЕЙ** Чүкө оюнунда чүкөлөрдү тиге турган жер. *Саканы кенейден алыс чыгаруу. Кенейди басып атуу. Кенейге тигүү.*

**КЕНЕЛ** 1. Тар, кичине абалдан өзгөрүп, кенен болуу, кеңейүү. *Үй кенелип, бутуколубузду кенен сунуп калганыбызга аз эле күн болду* («Чалкан»). 2. *өт.* Кененчилик болуу, мол, берекелүү, жетиштүү болуп туруу. *Күлүп-күлүп, Шаңдуу жүрүп, Гүл турмуштун Ырысына кенелип* (Нуркамал). *Эл эгинге кенелип, куунай баштады* (Жантөшев). *Бардык жагы кенелип, Алдынкы элге теңелип* (Калык).

**КЕНЕЛТ** **кенел** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕНЕЛҮҮ** **кенел** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕНЕМТЕ** 1. Кандайдыр бир чыгымдын, бир нерсеге жумшалган күч-аракеттин же ар кандай кыйынчылыктын ордуна тете болгон өтөлгө, акыбет. *Ошондогу биз көргөн кыйынчылыктын, биз тарткан түйшүктүн кенемтесин чыгарып, ушундай жыргал турмушка жеткирген ушул заманга ыраазымын* («Ала-Тоо»). *Ушинтип кайра жанат жакшылыкка, Кечеги кайгы зардын кенемтеси* (Осмонов). 2. Кемтик.

**КЕНЕН** 1. Аянты, айланасы, ички көлөмү кең, кеңири, чоң. *Конушу тегиз, жайыты кенен, атактуу Муз-Төр ушул* (Каимов). *Ылдам-ылдам келе жатам, Кенен шоссе жол менен* (Нуркамал). *Чоң эки терезеси бар кенен бөлмө экен* (Шимеев). *Чокою бутуна кенен келет го?* («Ала-Тоо»). 2. Кең-кесири, жетиштүү, мол, жетишерлик. *Келген жылдын келинчеги март болуп, Кенен-кесир бастырбай Келет кырсык асылып* (Казыбек).*Кенен болсун кымыз, жуурат, айраны* (Осмонов). *Акча-тыйын кенен бекен?* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Кең пейил, март, берекелүү. *Атай келдим-кеттимге кенен, балпаң-балпаң киши* (Бейшеналиев). *Кенен адам эмеспи, колунда болгонун аябайт* («Ала-Тоо»). 4. Көтөрүмдүү, оор басырыктуу, чычалак эмес, ичи тарлыгы, көрө албастыгы жок. *Мындай кенен кишини көргөн эмесмин, бир да сөз катпай, билмексен болуп отура берди го!* («Чалкан»).

**КЕНЕН-ЧОНОН** Кең-кесири, жетиштүү, жетпей калгыдай эмес, берекелүү, кен, мол. *Чүмчүңдөтпөй кенен-чонон эле берсеңерчи, балдар жыргап-куунап жеп кетишсин* («Ала-Тоо»).

**КЕНЕНДИК** 1. Аянттын, орундун же ички көлөмүнүн кең, кенен экендиги, чоңдугу, жазылыгы. *Үйдүн кенендиги. Аянттын кенендиги. Жайыттын, орундун ке-*

*нендиги. Кийимдин кенендиги.* 2. Кандайдыр бир нерсенин кененчилиги, жетиштүүлүгү, тартыш эместиги. *Эгиндин кенендиги. Оокаттын кенендиги. Турмуштун кенендиги.* 3. Кең пейилдүүлүк, марттык, сараң эместик. 4. Көтөрүмдүүлүк, оор басыктуулук, ичи тар эместик.

**КЕНЕНЧИЛИК** Турмушка керектүү, зарыл нерсенин кенен, кең-кесири экендиги, мол, көп болушу, жетиштүүлүгү, турмуштун кендиги. *Эртеңким – кененчилик, беленчилик, Адамдар керектүүнү жыйган, үйгөн* (Үмөталиев).

**КЕНЕТ-КЕНЕТ** *диал.* Кезек-кезек, анда-санда. *Атам көз айнегин кенет-кенет гана салынып калат* (Касымбеков).

**КЕНЖЕ** 1. Жаш жагынан эң кичүү, акыркы, соңку, баарынан кийин төрөлгөн. *Жүгүр, уулум, кайра чуркаган бойдон үйгө кел,– деди Калмурат өзүнүн он төрт жашар кенже уулун* (Абдукаримов). *Тогуз уулдун кенжеси, Элемандын эркеси* («Эр Төштүк»). 2. Малдын эң кийин туулган төлүнө карата айтылат. *Кенже козу. Ал – байтал бээ, кулуну кенже туулган* (Жантөшев). 3. Наамы, даражасы, кызмат абалы ж.б. жагынан башкалардан кичүү, төмөнкү баскычта деген мааниде колдонулат. *Кенже илимий кызматкер. Кенже лейтенант,* 4. Баштапкы, кийинки (классы, курсу ж.б. боюнча). *Бүгүн артыкча кенже класстан окуган балдарга майрам* (Сыдыкбеков).

**КЕНЖИР** *диал.* Кундуздун бир түрү (териси). *Жакамда кенжир кундузум.*

**КЕНИЗ** Ач көз, тойбос, сараң. *«Тамак» деп алар пияз жеп, Айныды акыл-эсинен. Кесепеттүү кенизге, Кез болду мээнет өзүнөн* (Тоголок Молдо).

**КЕНИЗЕК** 1. Малай кыз, аял. 2. Күң, башы бош эмес кызматкер кыз. *Кенизектен жетөөсү* («Манас» С.О.).

**КЕНТ** Кыштак, айыл. Отуруктанкан жай, шаар. *Таласты жердеп кент кылган* («Манас»). *Эски коргон чалдыбар, Кент бузулган там болор* («Манас» С.О.). *Кезиккенди кент кылган, Алышканды мерт кылган* («Сейтек»).

**КЕНЧ** Мол байлык, түгөнбөс казына, байлыктын кени. *Ачыла элек кендер, алына элек кенчтер алдыда* («Ала-Тоо»). *Кечеги койчу, жылкычы, Кетпес кенчке кезикти* (Бөкөнбаев). *Тоо жериндеги илбээсиндер, эчки, теке, элик, кулжа сыяктуу жапайы айбандар түгөнбөс кенч эмеспи* (Абдукаримов).

**КЕНЧИ** Кен казып алуучу, кенде иштөөчү, кен чыгаруучу. *Кенчилер өнөр жай ишканаларына жыйырма төрт эшелон көмүрдү пландан тышкары жөнөттү* («Советтик Кыргызстан»). *Кызыл-Кыяда кара алтынды казып жаткан кенчилер сүрөттөлөт* (Абдукаримов).

**КЕҢ** 1. Аянты, айланасы, эни же ички көлөмү кенен, кең-кесири, жайык. *Кең бөлмө. Кең өтүк. Тигил кең төрлөр – биздин колхоздун мал жайыты* (Сыдыкбеков). *Алыста аз жыл жүрүп кайтып келсең, Боз кыштак, кең көчөлүү жаңы шаар* (Осмонов). *Кең талаа бети керилген, Ак алтын толо себилген* (Бөкөнбаев). 2. Кеңири, жазы, чоң. *Кең ачылган каалгамдан карасам* (Осмонов). *Кадырдын кең таноосу барбаят* (Сасыкбаев). *Кетмен туяк, кең соору, Керишке минер мал экен* («Манас»). 3. Көп, мол, арбын. *Нефтилерди, көмүрдү, Түгөнбөстөй кең таптык* (Нуркамал).

**КЕҢ-КЕСИРИ** Кенен, аябай кең, кененчонон. *Кең-кесири болсун деп, үйдүн ар бир бөлмөсүн чоң кылып койгон элек* («Ала-Тоо»).

**КЕҢ ПЕЙИЛ** Март, берешен, боорукер, ак көңүл. *Кең пейил, сөзү шайыр Марфа менен, Бир окуп, бир партада бирге жүрдүм* (Абдыраманов). *Ал кең пейил адам эле, ошондуктан урматталууга, даңкталууга татыктуу* («Жаш Ленинчи»). *Жок болсо да март, ач болсо токтой, бар-жогуна карабай кең пейил, мээримдүү адам* (Сыдыкбеков). *Аялы дагы кабагым-кашым дебей кең пейил адам* (Исмаилов).

**КЕҢ ПЕЙИЛДИК** Марттык, берешендик, колу ачыктык. *Мерген уулуна аюу, илбирс аттырып алсам, олжо эмеспи деп баамдаган Сатылган Абдыраманга кең пейилдик кылды* (Сыдыкбеков).

**КЕҢГИРЕ** 1. Башы айланып, зыңылдап ооруу, эч нерсени сезбей калуу. *Эки-үч күндөн берки отурушта башы кеңгиреп, акылэси ордуна келе албай кыйналып турса керек* («Чалкан»). *Башым кеңгиреп, оорлой баштадым* (Касымбеков). 2. Эмне кыларын билбей башы катуу, башы маң болуу, кеңкелестенип бет алды баса берүү. *Субан кеңгиреп, тоону көздөй бет алды.* («Ала-Тоо»). *Кайда бараарымды билбей, кеңгиреп туруп калдым* («Ала-Тоо»). *Айрылган жеңиң желбиреп, Жөнөдүң кайда кеңгиреп* («Чалкан»).

**КЕҢГИРЕТ** **кеңгире** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕҢГИРӨӨ** **кеңгире** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢДИК** 1. Узун-туурасынын, айланасынын же ички көлөмүнүн кең экендиги, чоңдугу, кенендиги. *Үйдүн кеңдиги. Чуңкурдун кеңдиги. Туш-тушунан тунук суулар туйлаган, Кеңдигинен кербен чуусун туйбаган* (Токомбаев). 2. *өт.* Эркиндик, боштондук. *Кеңдик бизде сен бир кезде ойлогон* (Үмөталиев). 3. *геогр.* Экватордун түндүк жана түштүк жаккы эки тарабынан орун алган мейкиндик. *Түндүк кеңдик. Түштүк кеңдик.*

**КЕҢЕЙ** 1. Кең болуу, кенелүү, жазылануу. *Динарга алды жак аңырайып, өзөндүн төрү кеңее түштү* (Сыдыкбеков). *Үйдүн узун туурасы чыгып, мурдагыдан кеңейгенсип калды* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Жетишүү, же-

тиштүү болуу, оңолуу, өркүндөө. *Телегейи тептегиз, Кеңейген элди карачы!* (Токтогул).

**КЕҢЕЙТ кеңей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕҢЕЙҮҮ кеңей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢЕШ I** 1. Бир нерсенин жөнүн, жолун, кандай кылуу, кантүү керек экендигин ж.б. жактарын көрсөтүп айтылган акылнасаат. *Той болордун мурунку күнү атам тууган-уруктарын чакырып, кеңеш курду* («Ала-Тоо»). *Келин, кыздын жанында Кеңеш тапчу ал экен* («Эр Табылды»). *Жакшы кеңеш – жарым ырыс* (макал). 2. Мамлекеттик бийликти уюштуруунун бир бутагы, органы. *Айыл кеңеши. Жогорку Кеңеш.*

**КЕҢЕШ II** Кандайдыр бир иш, ойлонуп чече турган маселе жөнүндө бири-бирине акылдашуу, пикир алышуу, бири-биринен акыл сурашуу. *Үчөө көпкө кеңешип отурушту* (Жантөшев). *Салинанын өзү менен кеңешип көрүү керек* (Абдукаримов).

**КЕҢЕШ АЯК** Үйлөнүү салтында өргөөгө жайгашкандан кийин күйөө баланын атаэнеси кой союп, этин бышырып кудасына алып кирип, той баштоого уруксат суроосу.

**КЕҢЕШМЕ** Белгилүү бир маселе боюнча жүргүзүлгөн жыйналыш, талкуу. *Айыл чарба кеңешмеси. Кеңешме өткөрүү. Мамбеткул малчылардын райондук кеңешмесине кеткенде, Малабекти ордуна калтырган* (Абдумомунов). *Панфилов командирлер менен кеңешме өткөрүп жатты* (Сасыкбаев).

**КЕҢЕШТЕШ** Кимдир бирөөлөр менен бирге кеңешкен, кеңешине катышкан. *Ал авторитеттүү чоң адамдар менен кеңештеш болгонуна кантип кубанбасын* (Байтемиров).

**КЕҢЕШҮҮ кеңеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢЕШЧИ** Акыл айтуучу, кеңеш берүүчү. *Ал эми менин кеңешчим* (Байтемиров). *Кеңешчиң жок болсо, кабыргаң менен кеңеш* (макал).

**КЕҢИ кеңей** менен бирдей. *Пейлиң кеңитсең бала-чакаларыңа жек көрүндү болбой, сый жүрөсүң* («Чалкан»).

**КЕҢИЛЖЕР** *туурасы:* **кеңилжээр.**

**КЕҢИЛЖЭЭР** Мурун көңдөйүнүн түп жагы. *Бозонун жыты кеңилжээрди дүүлүктүрүп жатат* (Токобаев). *Кеңилжээрим какшып, башы-көзүм ооруганынан ишке да чыга албай, үйдө олтурам* («Чалкан»).

**КЕҢИРИ** 1. Аянты, айланасы, турган орду ж.б. кең, кенен, тар эмес, кенен-чонон. *Кырмандын айланасы кеңири, чаңы жок, таза шыпырылган* («Ала-Тоо»). *Үйүбүз кеңири – беш бөлмөлүү, чоң дарбазалуу короо-жайыбыз бар* («Ала-Тоо»). 2. Жетиштүү, мол, тартыш эмес. *Тамак-аш кеңири. Акча кеңири.* 3. Көп, көбүрөөк, кененирээк. *Элге кеңири белгилүү. Көпчүлүккө кеңири таанылуу.* 4. Терең, кеңкесири. *Кеңири ойлонуу. Комбайн сырын билүүгө, Алгыла билим кеңири* (Осмонкул). *Жашоону терең таанып кеңири ойлоп, Зор турмуш колхозчунун колунда ойноп* (Осмонов).

**КЕҢИРСИ** Өтө кенен, кең-кесири көрүнүштө болуу, кенелип көрүнүү, жайылуу. *Кеңирсиген кең өзөн, Менин жерим болсочу* («Эр Төштүк»). *Кош, аман бол элим ай, Кеңирсиген кенен сай* (Токтогул).

**КЕҢИТ кеңи** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕҢК** Мурду менен сүйлөгөн (мурду бузулган адамдын кеңкилдеген дабышына, сүйлөгөнүнө карата колдонулат).

**КЕҢКЕЙ** 1. Мурду бучук, теңирейген көрүнүштө болуу. *– Ой, Кыдыке, датымды ук! – деди жаактары түктөйүп кеңкейген Тилек* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Мурдун көтөрүп менменсинүү, адамды боюна теңебей көтөрүлүү.

**КЕҢКЕЙТ кенкей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕҢКЕЙҮҮ кеңкей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢКЕЛЕС** Акыл-эси жайында эмес, келесоо, макоо. *Бир кеңкелес кудуктагы суудан айдын көлөкөсүн көрөт* («Ала-Тоо»). *Сен чыны менен эле кеңкелес окшойсуң* («Чалкан»).

**КЕҢКЕЛЕСТЕН** Макоолонуу, кеңкелес немедей көрүнүү. *Кеңкелестенбей жөн жүрсөңчү* («Чалкан»).

**КЕҢКЕЛЕСТЕНҮҮ кеңкелестен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢКИЛДЕ** Мурду менен сүйлөө, кеңккеңк этүү.

**КЕҢКИЛДЕТ кеңкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕҢКИЛДӨӨ кеңкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢСЕ** Белгилүү бир ишти башкаруучу, жүргүзүүчү мекеме, башкармалык.

**КЕҢҮҮ кеңи** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕҢЧИЛИК** 1. Кененчилик, жетиштүүлүк (турмуш шартына карата). *Кабыргага таштай баткан жокчулуктун кээри бат эле кете койбосо да, кеңчилик берешен колун энеге да сунду* (Касымбеков). 2. Эркиндик, боштондук, жыргал турмуш. *Кеңчилик келди кеңештен, Келбеттүү боюң теңешсең* (Тоголок. Молдо). *Кеңчилик доор чыкканда Териме батпай семирдим* (Токтогул). *Кеңчилиги кармасы, Кеөештердин өкүмү* (Казыбек).

**КЕП I** 1. Сөз аркылуу берилген ой-пикир, адамдардын бири-бирине айткан, сүйлөгөн сөздөрү *Жарайт, калган кепти өзүм таап айтам* (Жантөшев). *Так калтырбай алып кал, Таңшыган ширин кебимди* (Токтогул). 2. Кимдир бирөөнүн жүрүм-туруму, кылыгы, айыбы ж.б. жөнүндө эл арасында

айтылып жүргөн, белгилүү болгон ой-пикир же ар кандай ушак сөздөр. *Элге кеп болгудай эмне айыбым бар эле?* («Ала-Тоо»). *Мен жөнүндө далай кептер айтыла баштаган экен да!* («Чалкан»). *Жашоодосуң дейли шаарда бул кезде, Сен тууралуу, маселен, бир кеп кетсе* (Сахгами). 3. Элге жаңыдан угулган, оозго алына баштаган кабар, ар кандай жаңылык, имиш-имиш сөздөр. *Айыл-апада эмне кеп бар? Ушундай деген кеп бар деңизчи.* 4. Иштин, белгилүү бир маселенин ж.б. негизи, түйүнү, өзгөчө көңүл бура турган жөнү, маңызы, себеби. *Кеп Мамбеткулдун ордуна башка бирөөнү жылдыра коюуда эмес. Аны менен эле иш бүтө калбайт* («Ала-Тоо»). *Сугатты бүтөрүн бүттүк, кеп анда эмес. Эмки иштин жөнү эмне болмокчу?* («Ала-Тоо»). 5. Мандем, анча белгилүү боло бербеген сыр, себеп. *Баса, мунун иреңинин азып кеткенинде кеп бар!* (Каимов). 6. Үйлөнүү же көңүл жакын болуу максатында бирөөгө (аялга, кызга) билдирилген сунуш, ой-пикир. *«Кыздарга кеп айткыдай боло элек, уулубуз али жаш» деп жүрүп, бир күнү келинчек ала качып келе калганда эмне кылар экенсиң?* («Ала-Тоо»). *Көрүүдөгү талдайсың, Кеп айттырсам кандайсың?* (Барпы). 7. «Кыйын деле эмес», «кыйынчылыгы жок», «оңой эле», «ит бекер» деген мааниде айтылат. *Жүз сом сен үчүн кеппи! Бир келген конокко кой союп сыйлап коюш кеп бекен. Эч кандай кыйынчылык кеп эмес.*

**КЕП II** 1. Бир нерсенин сырткы кебетеси, калыбы, түзүлүш формасы. *Үйдүн кеби жакшы. Кебин сыйрып алды эле, Кер мурулу келишкен, Жигит боло калды эле.* 2. Башка бир кебетеде болуу, ошого окшошуу, түспөлдөшүү үчүн кийиле турган бет кап, кийим же ошонун сырт кебетесин билдирген нерсе. *Көк серкенин терисин кеп кийип алган Эмил сакалын экчей үңкүрдөн чыга берди* (Сыдыкбеков). *Кудай бардыр, куу Кыяз, Дуба окуп сен үчүн, Ак куу кебин кийбесем* («Сейтек»). 3. Кармалган куштарды салуу үчүн кийизден жасалган баштыкча. *Кеп баштык. Бүркүттүн кеби.* 4. Канаттуулардын, жаныбарлардын туюк сыйрылып алынган терисинен тирүү кезиндегисине окшотуп жасалган кебете. *Улардын кеби. Илбирстин кеби.*

**КЕП III** Сын атоочтун кепкенедей, кепкенен, кепкең сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**КЕП ЖЕБӨӨ** Эч бир сөз таасир этпөө, айткан, дегенге макул болбоо, сөзгө түшүнбөө, жүйөөгө келбөө, кежирленип өз билгенин туура дей берүү. *Кеп жебеген адамдын, Жети атасы капыр деп* («Сейтек»). *Кеп жебеген неме болсо керек* («Ала-Тоо»). *Ал жажалап, кеп жемек түгүл, көз ымдай коюп жатты* (Ашымбаев). **В.: Сөз жебөө.** *– Ой, Сарала, сакалыңдай удургубай сөз жесең кантет? – дешсе, Сарала аларга оңой менен моюн берчү эмес* (Сыдыкбеков).

**КЕП ЖЫГАЧ** Бут кийим (кепич, өтүк, маасы)ултаарыганда кеп катары колдонулуучу арчадан кара жыгачтан, кайыңдан ж.б катуу жыгачтардан бут түспөлүндө жасалган калып. *Жакында кеп жыгач колума тиет* (Касымбеков).

**КЕП КАЙРУУ** Каяша айтуу, айтыша кетүү, жооп берүү, сөзгө аралашуу. *Уланбек ата-энесинин көңүлүн оорутуп, эч качан кеп кайрыбады* («Адабий Ала-Тоо»). **В.: Сөз кайруу.** *Улуу адамдарга сөз кайрыган болбойт.*

**КЕП-КЕҢЕШКЕ АЛУУ** Кепке, сөзгө кошуу, кеңеш суроо, араларына катыштыруу. *Активдер Акманды кеп-кеңешке алышты* (Сыдыкбеков).

**КЕП СОЮУ** *же* **кеп кылып союу** Терисин туюк сыйырып союу. *Эчкини кеп союп, терисин чанач кылуу.*

**КЕП ТАКЫЯ** Элечектин ичинен кийилүүчү баш кийим.

**КЕП ТОН** Өңүн өзгөртүп, таанытпас үчүн жасалган кебете-кешпир, форма. *Коңурбайдын кеп тонун, Алмамбет алып кийинип* («Манас»).

**КЕП УГУУ** Тил угуу, жеме угуу.

**КЕП УР** Сүйлө, кеп сал, сөз айт. *Алар өз теңдүүлөрдүн турмушу тууралуу кеп урушуп отурушат* (Исмаилов).

**КЕП ЭМЕС** Эң эле оңой, эч деле кыйынчылыгы жок. *«Атаган, кеп эмес бекен», – деп карыя абдан ыраазы болду* («Кыргызстан маданияты»).

**КЕПЕ** 1. Адам жашоо үчүн салынган кичинекей, жапыз үй, жер там. *Жер кепе. Там кепе. Карапайым кишилер өздөрүнө ылайыктуу жаман-жуман кепелерди өз күчү менен эле куруп алышчу* (Абдукаримов). *Марфа жеңенин кепесинде Сүлүктүдөгү большевиктер тобунун заседаниеси да өтүп жатты.* (Сасыкбаев). *Кыштактын четинде жер кепеге окшоп бир үй турат* (Баялинов). 2. Мал же үй канаттууларын киргизе турган кичинекей там. *Уй кепе. Ат кепе. Тоок кепе.*

**КЕПЕР СУУК** Карандай суук, суукчан, суугу бар.

**КЕПЕР ЫСЫК** Жалаң ысык, ысыгы бар, ысыкчан.

**КЕПЕРЕЗ** Элдик медицинада дары катары колдонулуучу сымап калийи.

**КЕПЕРЕТ** 1. Ислам дининде: орозо кармабай калгандык үчүн өтөлгөсүн берүү. 30 *күн орозо кармабаса, бир кул азат кылышы керек.* 2. Акталуу, төлөп кутулуу. *Сүйлөгөн сөзүң алтындай, Кепереттин кантындай* («Эл адабияты»). 3. *өт.* Азабын тартуу, кыйноосун көрүү. *Ох, башым сынып калыптыр тим эле. Кечээ ашыкча кетип жиберген экенбиз Бийбаланын үйүндө, аттиң ай, минтип кеперетин тартып*

*каларды да унутуп деп, каракушун сыйпалап, оозун ачып эстенип койду* (Касымбеков). *Кеперетин чыгарып, Эки жүз миң кой айдап* («Манас»).

**КЕПИЛ I** Бирөөнүн милдетин алуучу, убадасын бузган, танган киши үчүн жооп берүүчү. *Култайдын колунан келбестигине мына бу отурган ак сакалдар кепил боло алышат* (Абдукаримов). *Кепил болуп теминген, Улардан козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Доон жок болсо, кепил бол* (макал).

**КЕПИЛ II** 1. Беттештирип тигилүүчү тигиштин ортосуна коюлуучу ичке тилке. 2. Улама, жалгама, үстүнө жабыштырып, жалгап коюлган нерсе. *Мурдунун үстүнө кепил койгон маскарапоз куудулданып сүйлөп жатат* (Таштемиров).

**КЕПИЛДИК** Бирөө үчүн жооп берүүчүлүк, бирөөгө кепил болуп, милдетин мойнуна алуучулук.

**КЕПИН** Каза болгон адамдын сөөгүн мүрзөгө алып чыгарда орой турган ак мата кездеме. *Бекерден кепин табылса, өлмөк керек* (лакап). *Күн эрте бешим кезде кепинге алып, табытка салып он чакты, адам Дарыяхандын сөөгүн көтөрүп жөнөп калышты* (Жантөшев).

**КЕПИНДЕ** Каза болгон адамдын сөөгүн кепинге ороо, кепинге салуу. *Ак кепиндеп, аруу жууп, Көмөр кишим болсочу* («Курманбек»). *Ажалым жетип мен өлсөм, Ак кепиндеп көмгүлө* (Үсөнбаев).

**КЕПИНДЕЛ кепинде** этишинин туюк мамилеси.

**КЕПИНДЕТ кепинде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕПИНДӨӨ кепинде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕПИНИНДИ ЖЕБЕ!** Калп айтпа, жалган сүйлөбө, жанынды жебе деген сыяктуу (көбүнчө наалат айтуу, наарazы болуу) кагуу иретинде колдонулат. *Кепиниңди жебе, кудай аткыр, минтсең ишиң оңолбойт* («Чалкан»).

**КЕПИНИНДИ ЖЕГИР!** Өлгөнүңдө да жакшылык көрбөгүр (көбүнчө улгайган адамдарга карата каргоо, наалат айтуу маанисинде колдонулат). *Кепиниңди жегир, иткушка жем болбой үйүңдө адал өл* (Жоошбаев). **В.: Кепинини жалмагыр!** *Кепиниңди жалмагыр, көзүмө көрүнбөй жогол!* («Ала-Тоо»). **Кепиниң өрттөнгүр!** *Кепиниң өрттөнгүр! Кантип кара санады?!* («Ала-Тоо»). **Кепиниң күйгүр!** *Кепиниң күйгүр! Карыганда буга эмне жетпейт?!* («Ала-Тоо»).

**КЕПИЧ** Булгаарыдан колго ултарылган бүчүсүз, боосуз бут кийим. *Кепич тигип берем деп, атамдын акыга алган акчасы менен шаарга жөнөмөк болдук* («Ала-Тоо»).

**КЕПКА** Маңдайында калканычы бар баш кийим. *Миргүл да кепкасын өйдө көтөрүп коюп, кепке аралашты* («Агым»). *Те-тигинде бир чал турат. Кара драп кепкасы колунда* (Байтемиров).

**КЕПКЕ ЖЫГУУ** Сөзгө калтыруу, уят кылуу, жаман абалга жеткирүү. *Бирин-бири кепке жыгууга, кийинки муундарга күлкү кылууга өтүшөт* (Осмоналиев). *Манаттын кытмыр жоругун ачуу менен, баамдай албаган шордуу мергенчи Адыкени жүйөөлүү кепке жыгам менен чечен тилге салып маселдете берди* (Сыдыкбеков).

**КЕПКЕ КЕЛҮҮ** *к.* **кепке-сөзгө келүү.**

**КЕПКЕ КЕМТИК БОЛУУ** Сөзгө сынуу, абдан уят болуу, сөз кайыра албай жаман абалда калуу. *Меймандын атын сойгон да болмок беле Таке? Кепке кемтик болуп калабыз, Таке..., – деп ийгермекчи болду* (Касымбеков). **В.: Кепке кемтик, сөзгө солтүк болуу.** *Бүгүлүк элдин ар кимиси өлгөн ата-бабасынын күмбөзүнө бүгүнүн мүйүзүн орнотууну урмат эсептеп, орнотпосо кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болот* (Айтматов). *Кой, кийин кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болосуң* (Абакиров). *Ушул кепти угуп Адамкул өзүн кепке кемтик, сөзгө сөлтүк сыяктуу сезип олтурду* (Алыбаев).

**КЕПКЕ КЕМТИК КЫЛУУ** Уят кылуу, сөзгө сындыруу, жаман абалга калтыруу, шагын сындыруу. *Тил алып кой балам, кепке кемтик кыласың* («Ала-Тоо»). *Башка элдин алдында булардын шагын сындырчу, кепке кемтик кылып, уятка калтырчу жорук* (Сыдыкбеков). **В.: Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылуу.** *Сизди кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылып жүрөт* (Абакиров). *Жөн жаткан элдин ичине бүлүк салып, илгерикийин эл арасында бизди кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кыларлык жорук жасашкандар ушулар* (Медетов). **В.: Кепке сындыруу.** *Батыйна өзүн кордогон кызды кепке сындыргысы келет* (Сыдыкбеков). *Аны айыл аксакалдары кепке сындырып, бир чети ага өкүмдүк көрсөтүп, тентекти теске салып коюшмак* (Сыдыкбеков).

**КЕПКЕ КОНОК БЕРҮҮ** Кезектешип сүйлөө, сүйлөп жаткан кишинин сөзүн жыра талашып бөлүп кетпей аягына дейре угуу. *Кепке конок бер, байбиче* (Тойбаев).

**КЕПКЕ САРАҢ** Көп сүйлөбөгөн, оңой менен сүйлөй бербеген, ашыкча сөз айтпаган. *Эжекем кепке сараң, жаш кезинде кыйла шайыр болуучу* (Сыдыкбеков).

**КЕПКЕ-СӨЗГӨ КЕЛҮҮ** Жөнгө келүү, жөн-жайды угуу, шаштырбоо, аламандатпоо. *Кепке-сөзгө келбеген. Кежир болду жанбакты* (Тоголок Молдо). *Кепке-сөзгө келбестен, Жакып кан чырды баштады* («Манас»). **В.: Кепке келүү.** *Анын кепке келчү түрү жок, жадаганда кете бердик* («Ленинчил жаш»).

**КЕПКЕ СЫНДЫРУУ к. Кепке кемтик кылуу.**

**КЕПКЕ СЫНУУ** Катуу уят болуу, сөзгө жыгылуу. *Ал эл алдында кепке сынды*

(«Чалкан»).

**КЕПКЕК** Бир нерсенин ачыгына, тешигине кептеп киргизип коймо тыгын.

**КЕПКЕКТЕ** Кепкек тыгып коюу, кепкек тыгып бекитүү.

**КЕПКЕКТӨӨ кепкекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕПКИР** Боорсок, камыр ж.б. тамак-ашты сүзүп алуу үчүн жасалган тешиктери бар сүзгүч, депкир.

**КЕПКОР** Сөзмөр, кепке-сөзгө шыктуу. *Кепкор экен Эшмамбет* («Кыргыз эл акындары»).

**КЕПСЕН** *эск.* Кырманчылар тарабынан сураган кишилерге берилген эгин. *Сурап кепсен алам деп Кызыкпа, кедей тегинге* («Жазгыч акындар»). *«Аккула» деп кепсенди, Арбын берген мол кылып* (Тоголок Молдо).

**КЕПТЕ** 1. Бир нерсенин сыртына керипчоюп каптоо, каптап кийгизүү. *Кемпирдин бутунда кийиз байпак, анысына тумшугу бырышкан айрык кепичти кептеп алыптыр* (Касымбеков). 2. Шыкап, тыгындап коюу, шыкап бекитүү. *Ийиндин оозуна кийиз кептеп коюп, төрүнө жакын жерин кетмендеп казып кирдик* («Ала-Тоо»).

**КЕПТЕЛ** 1. **кепте** этишинин туюк мамилеси. 2. Туш келүү, кабылуу, кутулууга мүмкүн болбой калуу. *Кайдагы балакет немеге кептелип калдым эле!* («Чалкан»). *Бул ишке кептелериңди билсең, мурдатан эле бир айласын таап коёр элең го, билбей калып шоруң каткан тура* («Ала-Тоо»).

**КЕПТЕЛТ кептел** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕПТЕР** Көгүчкөн. *Адырдан, тоодон, талаадан Ак кептерди үндөдү* (Бөкөнбаев). *Кырк сулуу кыз – кырк кептер, Кызыга карап капшыга.*

**КЕПТЕРКАНА** Кептер багыла турган бөлмө, кепе. *Бул дүнүйө – кептеркана, Бири учса – бири конот* (Чыгыш акынынан).

**КЕПТЕШ I** Эки жагы кууш, аскалуу тар кокту, колот. *Чоң-Кеминдин кептеши, Эки тоонун беттеши* («Жазгыч акындар»). *Тиги кептештеги жалгыз аяк жаман жолунан башка эч кандай жол жок* (Жантөшев).

**КЕПТЕШ II** Сүйлөшүү, кеп салышуу. *Ээ, кокуй, кыздын өзү менен кептешкен жок белең* («Ала-Тоо»). *Жылдыз окуусун чет өлкөдө улантуусун ата-энеси менен кептешип чечти* («Эркин Тоо»).

**КЕПТЕШТИР кептеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕПТЕШҮҮ кептеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕПТИН ТӨРКҮНҮ** Сөздүн мааниси, маңызы, негизи, багыты. *Ыскак эми гана кептин төркүнүнө түшүндү* (Исмаилов). *Кептин төркүнүн түшүнбөгөн Кален карт балыкчыга карады* (Укаев).

**КЕПТИН УЧУГУН ЧЫГАРУУ** Айтайын деген оюнун четин чыгаруу. *Кулубай да ошондой бир кептердин учугун чыгарып, кудуңдап, өзүнчө сүйүнүп калат* (Медетов).

**КЕПТӨӨ кепте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕПТӨӨР** Тамак оорусунун бир түрү. *Үндөрү кардыкканча, кептөөрү кармаганча кыйкырышат* (Бөлөкбаев). *«КДС» вакцинасы көк жөтөлдөн, кептөөрдөн сактайт* («Ден соолук»).

**КЕПТҮҮ I** Жарашыктуу, келишимдүү, кеби менен, бойго чак. *Өзүңүзгө өлчөп тигилгендей, тим эле кептүү* («Ала-Тоо»). *Кыздын башында кырбуусу орто жазылыкта кептүү тигилген кундуз тебетей* (Сыдыкбеков).

**КЕПТҮҮ II** Сөзмөр, чечен, кепке кыйын. *Жаңылбастан кеп айтчу, Кептүүлөрдү бир бөлдү* («Манас»). *Адамдан жеңил эң эптүү, Сүйлөп турса, бал кептүү* («Эр Төштүк»).

**КЕПШЕ** 1. Жуткан чөбүн кулгуп, кайра майдалап чайноо (кепшөөчү жаныбарларга карата). *Эки үйдүн аралыгында кепшеп үч улактуу эчки жатат* (Жантөшев). *Чоң тойгон койлордун кепшегени болбосо, айлана жымжырт* (Убукеев). 2. *өт.* Обу жок көп сүйлөө, маңызданyy. *Эмнени айтып кепшеп отурасың?* (Турусбеков).

**КЕПШЕР** Чорт сынган темир буюмдарды карматуу.

**КЕПШЕТ кепше** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕПШИР кешпир** менен бирдей.

**КЕПШӨӨ кепше** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕР I** 1. Кичине күрөңүрөөк келген түс (жылкынын түсү). *Кер ат. Кер кунан. Кер жорго. Кер жорго миндиң сулуу деп, Кер ичик кийдиң жылуу деп* (Жеңижок). *Күүсүнөн кетип кер күлүк, Көтөрүм болду чаалыгып* (Осмонкул). 2. Агыш, буурул боло баштаган түс. *Аргымактын күлүгү Алтын көкүл кер болот* (Сыдыкбеков). *Кыл мурутум кер басты* (Осмонкул).

**КЕР II** 1. Чоюу, созуу, керилген абалга келтирүү. *Суунун тигил өйүзүндө да, бул өйүзүндө да мамы орнотуп туруп, зым аркан кердик* (Сасыкбаев). *Чаргын тепкичке чыгып, ураан жазылган тасманы аяк-башын керип, Люба ага балка сунуп турган* (Сыдыкбеков). *Сураганын таппасаңар, Уруп, керип, астыртан* (Токомбаев). *Адыр, күдүр керүүдөн, Ат баспастын сеңирден Ар кандай арыш керейин* («Сейтек»). 2. 1. Артка кетүү, кетенчиктөө, кайтуу, баш тартуу (кер кылбай – артка кетпей, кетенчиктебей, асылып маанилерин туюнтат).

**КЕР III** Керең, дүлөй. *Жаңы туулган баланы Көрбөйлү да күйбөйлү, кер азабын тартпайлы* («Эл адабияты»). *Алты каапыр кер кылбай* («Манас» С.О.). *Кулагы укпай кер болуп* («Манас»).

**КЕР IV кери** менен бирдей.

**КЕР АЯК** Каяшачыл, кыйык, тил албас. *Кер аяк, сөздү ушунчаңда токтот* (Жантөшев).

**КЕР БАЙТАЛГА МИНГИЗҮҮ** Ак никени бузган, оор кылмыш кылган аялды жазалоо. *Муну кылган катынды, Кер байталга мингизип, Кементайды кийгизип* («Манас»).

**КЕР КАКШЫК** Тескери айтылган, кер айтылган сөз. *Сарыбек да кер какшык менен кайрылды* (Жакыпбеков). *Кер какшыгыңарды токтотсоңор кантет! – деди председателъ* (Сыдыкбеков).

**КЕР-МУР АЙТЫШУУ** Жаакташуу, оозеки тартышып, айтышып калуу. *Башкарма менен кечээ жыйналышта Өскөнбай кер-мур айтышып калган* (Кыдырмышев). *Бул туурасында бир жолу Табылды менен да кер-мур айтыша түштү* (Бердикеев). *Ал аялы менен кер-мур айтышкан соң шашабуша ишине жөнөдү* (Ашымбаев).

**КЕР ООЗ** Тескери, кер какшык менен сүйлөгөн, оозуна алы жетпеген. *Оозуңа карап сүйлө, анын баласы сага окшогон кер ооздорду коргойм деп окко учкан* (Сыдыгалиев). – *О, дулдуктаган өлүк-тиригиңди көрөйүн, кер ооз* (Сыдыгалиев). *Бетке чаап сүйлөп, бирок сөз жебеген кер ооз, бакан ооз адамдарга эми кадимкидей эле күрөш ачпасак болбой калды көрүнөт* («Кыргызстан маданияты»).

**КЕР САРЫ** Убайымдан, оорудан азып, нуру өчкөн, кубарган өң. *Бет иреңи кер сары* (Сыдыкбеков).

**КЕР ТАКЫМ** *к.* **куу такым.**

**КЕР ТАРТУУ** *к.* **кежигеси кер тартуу.**

**КЕРАМИКА** 1. Бышырылган чоподон жасалган буюмдар. 2. Карапа өндүрүшү, карапа искусствосу.

**КЕРАТИТ** Конок конуу, көздүн айнек челинин сезгеничтүү дарты.

**КЕРБЕЗ** Менменсиген, чычайган, кекейген. *Кесирлүү кербез эринет, Эч болбосо жан бакпай, Эмнесине керилет* (Тоголок Молдо).

**КЕРБЕЗДЕН** Менменсинүү, көтөрүлүү. *Кербезденип, кээде созуп билегин, Сүйлөгөнсүйт, сезе калам илебин* (Токомбаев).

**КЕРБЕЗДЕНТ кербезден** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРБЕЗДЕНҮҮ кербезден** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРБЕЗДИК** Менменсингендик, кекирейгендик, көтөрүлгөндүк. *Кыздын кербездиги ого бетер күчөдү* (Токомбаев).

**КЕРБЕЗДҮҮ** Кербездик кылып кекирейген, көтөрүлгөн, чычайган.

**КЕРБЕН** 1. Узак жол тартуучу жүктүү унаалардын (көбүнчө төөлөрдүн) тобу. *Көзүмө кербен элестейт* (Токомбаев). *Көпүрөнүн үстү менен кербендер чубап, акырын гана каалгып өтүп бараткан көрүнүп турчу* (Элебаев). *Кеште кербен базардай, Байбиче келди бул тойго* («Эл адабияты»). *Кербен тартып чөл баскан, Матасын сатып пул тапкан* (Калмырза). *Кыйкуулап көктө турна тизилишкен, Баратат кербендеодей жолго түшкөн* (Баласагын). 2. Кербенчи (кербен башкарган, кербен менен жол тарткан киши). *Айланайын кербендер, Алыс жерден келгендер* («Кедейкан»). *Кербендерден кеп уктум* («Семетей»).

**КЕРБЕН БАШЫ** Кербенди башкарып жүрүүчү адам.

**КЕРБЕН САРАЙ** Жүргүнчүлөр, кербенчилер токтоп өтүүчү жай. *Кербен сарай, эски дубал уранды* (Токомбаев).

**КЕРБЕНЧИ** Кербен тарткан, кербенге катышкан киши, соодагер. *Узун жолду узартып, Узун билген кербенчи* (Тоголок Молдо).

**КЕРБЭЭЛ ТАРТЫП** Кербез тартып, манчыркап.

**КЕРГЕ КЕЛҮҮ** Каршылык кылуу, каяша берүү.

**КЕРГИЧ** 1. Сайма сайыла турган материалды керип коюу үчүн колдонула турган буюм. 2. *аңч.* Союлган аң терисин кургатуу үчүн ашталган жыгач.

**КЕРГИШТЕ** Бирөөнү жактырбагандай, тоотпогондой мамиле кылуу, ыргыштоо. *Бу кандай баарыңар эле кергиштеп калгансыңар?* (Турусбеков).

**КЕРГИШТЕТ кергиште** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРГИШТӨӨ кергиште** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРДЕН I** Фарфордон, чоподон жасалган чоң чыны, кесе. *Керден кесе. Керден аяк. Анын соңунан үчөө кашык талаша керденге жүткүнүшөт* (Бейшеналиев).

**КЕРДЕН II** 1. Моюн, кекиртек. *Алтын керден ай балта, Ач билекке чалынуу* («Сейтек»). 2. *өт.* Көкүрөк (көндөй маанисинде – мактаанчак, жел өпкө дегенди туюнтат). 3. Кээде *баш* маанисинде да айтыла берет. (Керденин кесип салбайбы – дегенде кекиртегин эмес, башын алып салууну туюнтат). *Керденин кесип салбайбы* («Манас» С.О.).

**КЕРДЕНЕМИЧ** Акчаны же товарды бирөөгө карызга, насыяга (кредитке) берүүчү. *Алып келип орустан, Керденемич коюптур* (Молдо Кылыч).

**КЕРДЕНКЕЧ** Тил албаган, өз оюн бербеген, билгенин кылган. *Келер болсо колумдан керденкеч тартып не турам* («Манас» С.О.)

**КЕРДЕНКЕЧТИК** Тил албагандык, моюн толгогондук, өз оюн бербөөчүлүк. *Келгенди черүү алаармын, Керденкечтик кылганды, Мен качанга күтүп турамын* («Манас»).

**КЕРДЕНКЕШТИК** *туурасы:* **керденкечтик.**

**КЕРДИР кер II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРЕ I** Толук, толо. *Кере бир күнчүлүк*

*жол. Кере карыш. Кере кулач. Кере бута жеткени* («Манас» С.О.).

**КЕРЕ II керүү** менен бирдей. *Кереде сары журт болгон соң, Кер жорго калды басынып* («Кыргыз эл акындары»).

**КЕРЕ III** Типтигинен тура калуу, типтик боло калуу. *Бүркүт шукшурулуп бара жатканда, түлкү кереп тура калды.*

**КЕРЕ МАТАП, КЕҢ ТУШОО** Алдын ала акыл үйрөтүп, кулагынын кужурун алып жекире берүү, кекетип-мокотуп тынчтык бербөө. *Эмне эле кере матап, кең тушап калдың? Күйөөсү көр жеме көрүнөт. Кере матап, кең тушап, жакшылыктуу деле күн көрсөтпөйт өңдөнөт* («Ленинчил жаш»).

**КЕРЕБЕТ** Эки башында буттары бар, үстүнө төшөнчү салып отурууга, жатууга ылайыкталган үй буюму. *Керебетте деле анчалык көп төшөнчү көрүнбөйт* (Байтемиров).

**КЕРЕГЕ** 1. Боз үйдүн бири-бирине кайчылаштырып, көк менен бекитилген, төрт чарчы көздөрү бар, сыртынан чий, кийиз каланып, үстүнкү кырына уuктарды беките турган каптал жыгачтары. *Керегенин баштары. Кереге көктөө. Жан досум, алалбаймын кол салып, Керегелүү кең үйдү* (Жеңижок). 2. Тамдын же башка курулуштардын дубалы. *Береги төрт керегеси сокмо боз тамдын төбөсүндө карарып бирдеме турган* (Сыдыкбеков).

**КЕРЕГЕ ТАҢГЫЧ** Жайылган керегенин белинен курчала турган эндүү сызма.

**КЕРЕГЕ ЧАЛГЫЧ** Керегелердин баш жагын тарттырып байлоо үчүн сызма сыяктуу жасалган боз үйдүн боочуларынын бири.

**КЕРЕГЕНИ БАСА КӨКТӨӨ** Бирөөгө кысым көрсөтүү, катуу кысымга алуу. *Керегени баса көктөгөндөй кылбагыла, туугандар* («Чалкан»). – *Керегени басып көктөгөндөй кылбагыла! Убал-сооп деген бар!* (Ш.Үмөталиев). *Керегени баса көктөп, алсызына алдуусу зомбулук кылуу да ошо тууганчылыктын көлөкө жагы тура* (Сыдыкбеков).

**КЕРЕГЕСИН ЖАЙДАКТОО** Боз үйдүн үзүк-туурдуктарын сыйрып салып, аза күтүү ырым-жырымы. *Үйлөрдүн керегеси жайдакталып, аза күтүштү* (Көчкөнов).

**КЕРЕЙ кержей** менен бирдей.

**КЕРЕК** 1. Бир нерсеге зарылдыгы, муктаждыгы бар, керектелүүгө тийиш, муктаждык, зарылдык. *Керек болсо, терек жыгылат* (макал). *Тиричиликке керек деген бардык буюм-терим, үй мүлкүбүздөн ажыратканы турасыңбы, балам!* («Ала-Тоо»). *Жумуртка чайкап куш кылган Журтуңа тийсин керегиң* (Бөкөнбаев). 2. Кыймыл-аракеттин аткарылыш зарылдыгын, тийиш экендигин же күмөндүүлүгүн көрсөтүүчү көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Барыш керек. Келиш керек. Үйдө болсо керек. Алып келсе керек. Иш- тин бүтөр-бүтпөсү анык эмес болуш керек.*

**КЕРЕК-ЖАРАК** Тиричиликке керектелүүчү, керек болуучу ар кандай нерселер, буюмдар. *Киши жиберип, базардан керек-жарагыңды алдыр* (Жантөшев).

**КЕРЕКТЕ** Керегине жаратуу, пайдалануу, керек кылуу. *Айрыкча кислородду нерв системасы өтө керектейт* («Ден соолук»). *Эл кеңири керектей турган товарлар.*

**КЕРЕКТЕЛ керекте** этишинин туюк мамилеси.

**КЕРЕКТЕТ керекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРЕКТӨӨ керекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРЕКТӨӨЧҮ** Керек кылуучу, керегине жаратуучу, муктаж, зарыл болуучу, *Эл кеңири керектөөчү товарлар.*

**КЕРЕКТҮҮ** Керегi бар, керек боло турган, зарылдыгы, пайдасы бар. *Керектүү таштын оордугу жок* (макал). *Үйгө керектүү буюмдар, кант-чай ала баруубуз керек* («Ала-Тоо»).

**КЕРЕЛЕ** Бирөөнү кыйкымдап жемеге алуу, тил тийгизүү. *Касымбекти жемелеп, Кара кучкө керелеп* (Тоголок Молдо). *Кадыркеч Бермет мен эмес, Анчалык какшык айтпа керелеп* («Саринжи-Бөкөй»).

**КЕРЕЛЕН кереле** этишинин өздүк мамилеси.

**КЕРЕМ** *диал.* Капуста. *Керем көчөт. Керем отоо.*

**КЕРЕМЕТ** 1. Кереметтүү көрүнүш, укмуш, адам таң каларлык окуя. *Оо, бу эмне деген керемет* («Жаш ленинчи»). *Чапкан кылыч кеспеген, Кереметi дагы бар* («Манас»). 2. Адам таң калгыдай кооз, шумдуктай көрктүү, көрүнүшү мыкты. *Керемет жан, керемет жан, керемет!.. Сендей мага эч ким илхам бере элек* (Акбаров). *Бах! Анан калса кыргыздын жеринин керемети бир укмуш го!* (Байтемиров).

**КЕРЕМЕТТЕН** Кереметi, касиети бардай көрүнүү, кереметтүү, касиеттүү сыяктанып сезилүү.

**КЕРЕМЕТТЕНТ кереметтен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРЕМЕТТЕНҮҮ кереметтен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРЕМЕТТҮҮ** 1. Сыйкырдуу, касиеттүү, адам таң калгыдай кереметi бар. *Сенин кереметтүү болот өгөөңдү Чалкуйрук жулуп алыптыр* («Эр Төштүк»). *Акундун кызы Айчүрөк, Кереметтүү кашка эле* («Семетей»). 2. Адам суктанарлык, эң сонун, укмуштай. *Кереметтүү кенен Чүйдүн элеси,. Ырыскынын казынасы байкалат* (Токомбаев). *Комуздун кереметтүү үнү, күүнүн щаңдуулугу жигиттердин делебесин козгоп, көңүлүн эргитет* (Абдукаримов).

**КЕРЕНЕ** Кездеменин же жоолуктун, кийим-кеченин кыюуланган жээги, жээгине

салынган кыюусу. *Көк керене кол жоолук. Айчыгы алтын керене, Желек кылып алалы* («Сейтек»).

**КЕРЕНЕЛҮҮ** Керене салынган, керенеси бар. *Келиндер сенден түшө элек, Керенелүү жыргалың* («Эл адабияты»). *Керенелүү ак сурпту, Бетине бүркөй салынды* («Мендирман»). *Кызыл керенелүү ак жоолук салынган* (Жантөшев). *Келин-кызга жарашкан, Керенелүү шай кызык* (Токтогул).

**КЕРЕҢ** Дүлөй, кер, кулагы катуу. *Кулагы керең. Эл үчүн сокур, чолок, керең болуп, Эл үчүн суу сепкендей өчүш керек* (Токомбаев).

**КЕРЕҢДИК** Керең экендик, дүлөйлүк. *Кулагынын кереңдиги болбосо, ар ишке жарай турган тың адам* («Ала-Тоо»).

**КЕРЕП** Мелдеш, утушка коюу. *Касапка алып барып койсоң да, мен айткандан бир кило да ашык чыкпайт. Ишенбесең кереп ойноймун* (Мавлянов).

**КЕРЕСИН** *туурасы:* **керосин.**

**КЕРЕТ** Алдын ала көрө билгендик, көрөгөчтүк, көзү ачыктык. *Каалап алган бир керет, Кожожаш мерген алганы* («Эл адабияты»). *Кенжебай деген бир уулуң, Керет сөрөй жан экен* («Эр Табылды»). *Сөзүмдү уккун таксыр деп, Кырк кыз келген камынып, Аруукедей кереттин. Айткан сөзүн үйрөнүп* («Эл адабияты»). *Жоодарчалдын аялы, Өзү керет жан эле* («Эл адабияты»). *Шабыр күң атым болбосо, Керетим сенден кем белем?* («Эл адабияты»).

**КЕРЕЧ** Дарылыгы бар тоодо өсүүчү өсүмдүк.

**КЕРЖЕЙ** Башын кейкейтүү, башын чалкалата басуу.

**КЕРЖЕЙТ кержей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРЖЕЙҮҮ кержей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРЖЕКТЕ** 1. Башын артын көздөй чулгуп, кержең-кержең этүү. 2. *өт.* Каршылык кылуу, кежирленүү, кыйыктануу.

**КЕРЖЕҢ-КЕРЖЕҢ ЭТҮҮ** Башын кержеңдетип артын көздөй чулгуу, кержектөө.

**КЕРЖЕҢДЕ** 1. Башын кержектетүү, кержең-кержең этүү, кержейүү. *Кежигеси кержеңдеп.* 2. Кыйыктануу, кежирленүү, каршылык кылуу. *Кээ бирлери биле албайт, Кээ бирлери кержеңдеп, Айтса такыр тил албайт* («Эр Төштүк»).

**КЕРЖЕҢДЕТ кержеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРЖЕҢДӨӨ кержеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРИ I керүү** менен бирдей. *Келериңде дүнүйө, Кериде жайык конушсуң* (Токтогул). *Жылкысы кери жайылган, Койлору батпай байыган* (Осмонов).

**КЕРИ II** 1. Тетири, тескери, оңго карамакаршы. *Байкабай, сезбей каласың, Атыңа кери мингизет* (Осмонов). *Аялдар Сонун атын кери терген, Аталган Күлбөс делип ошол бойдон* (Осмонов). 2. Аркасы, желкеси. *Үйдүн керисинде бир дөбө бар экен* («Эл адабияты»).

**КЕРИ КЕТҮҮ** *к.* **кедери кетүү.**

**КЕРИГЕ ТАРТУУ** Артка тартуу, кийиндетүү, илгерилетпөө, илең-салаң кылып кечиктирүү. *Берди Каныбектин ишин кериге тартып, Карабекти үч ирет өлүмдөн куткарды* (Жантөшев).

**КЕРИК** 1. Тумшугунда мүйүзү бар зор жаныбар. *Анда кыз тамам журтун жыйып алды, зоот, шайман, керигин минип алды* («Эл адабияты»). 2. Эпосто эпикалык душмандардын алп, дөөлөрү минип жүрүүчү күчтүү, зор унаа. *Мамонт, керик, пил болсо* («Манас» С.О.). *Пил, кериктен жоосу бар* («Манас» С.О.). *Каарым келип какайсам, Керигим бар, билим бар* («Сейтек»). *Керик минген Чабалай Алдыкийнин карабай* («Семетей»). *Өзүнчө жүрөт кериги, Жылт этип оттоп элиги* (Урмамбетов).

**КЕРИЛ** 1. **кер II** этишинин туюк мамилеси. 2. Бой көтөрүп, менменсинип ыңгырануу, кишини теңине албоо. *Кесирлүү кербез эринет, Эч болбосо жан бакпай, Эмнесине керилет* (Тоголок Молдо). *Ал жөн эле ак маралдай керилет* (Мидин).

**КЕРИЛТ керил** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРИЛҮҮ керил** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРИМ** 1. Боорукер, ырайымдуу, ак пейил. *Карагат көздүү кардай эт, Какшаңдаган кара бет! Болгон бизге керим деп, Болсун Манас эрим деп* («Манас»). 2. Мээримдүүлүк, боорукерлик. *Арыз кылды Алда керимге* («Манас» С.О.).

**КЕРИМСЕЛ** Ысык жел. *Керимселдин кесепетинен тоонун чөбү жок* (Абдукаримов). *Керимсел жүрүп турса да, бышыкчылык маалына эмне жетсин, чиркин!* (Айтматов). *Жакшы жыт коштоп кетти керимселди, Чулгады аңкыган жыт көктү, жерди* (Баласагын).

**КЕРИМСЕЛДҮҮ** Ысык желдүү. *Жайдын керимселдүү ызгаары жер бетин бозортуп жиберди* («Ала-Тоо»).

**КЕРИШ I** 1. Талаш-тартыш, уруш, чатак. *Бүтө жаздап калганы Уруш-талаш, кериштин* (Үмөталиев). 2. Кармаш, салгылаш, согуш. *Кетмен туяк, кең соору, Керишке минер Чалкуйрук* («Эр Төштүк»). *Журт бүлдүргөн чорого, Керишти мыктап салалы* («Сейтек»).

**КЕРИШ II** 1. **кер II** этишинин кош мамилеси. 2. Чатакташуу, бири-бирине жаман-жакшы айтышып урушуу, сен-мен дешүү, айтыша кетүү. *Урушпас уул, керишпес келин болбойт* (макал). 3. Чабышуу, салгылашуу, бири-бирине кол салышуу. *Керишерге*

*жоо таппай, кезип жүргөн кезегим* («Эр Төштүк»). *Керете-уугун кыйратып, Керишкенин ыйлатып* («Сейтек»).

**КЕРИШТИР кериш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРИШҮҮ кериш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРКАНА** 1. *эск.* Устакана. 2. *өт.* Байлык. *Келбейби сенин үстүңө Керкана, дөөлөт, малдарың* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КЕРКЕЙ кекирей** менен бирдей. *Татыбектин тескери кыялы кармаса, укмаксан болуп, керкейип коймоюу да бар* (Байтемиров).

**КЕРКИ** Балтадан кичине, балтага караганда мизи туурасынан (жалпагынан) келтирилип сапталган, жыгач чабуу, кертүү үчүн колдонулуучу курал. *Козубек эртең менен эле жаман керкисин белине кыстарып алып, отун издеп кеткен* (Баялинов).

**КЕРКИ-БАЛТАСЫ КОЛУНДА** Шайдоот, шамдагай. *Зууракандын керки-балтасы колунда, көңүлү келгенде тоону томкоруп, ойду опуруп жиберет өзү* (Сыдыкбеков). **В.: Балта-керкиси колунда.** *Балта-керкиси колунда шартылдаган ачык-айрым келин болду* («Ала-Тоо»). **Балта-чоту колунда.** *Тыңдыгын айтпа, балта-чоту колунда* («Ала-Тоо»).

**КЕРКИСИНДЕ ДА, КЕМИГИНДЕ ДА БАР** Күнөө, айып экөөндө тең бирдей, экөө бирдей күнөөлүү.

**КЕРМЕ** Мал байлоо же бир нерсе жаюу, илүү үчүн тартылган аркан, жип. *Када орнотуп, керме сал, Үйүңдүн арка жагына* («Эл адабияты»). *Кыл аркан керме шайлатты* («Манас» С.О.). *Кермедеги аттар кошкуруп мөңкүштү* («Ала-Тоо»). *Малды обочо айдагыла, ат кермесин тигил өргөөдөн нары тарткыла!* (Сыдыкбеков). *Жийдегүл кирди жууп, кермеге жайып таштады* (Сасыкбаев).

**КЕРМЕК** 1. Эрмендин, мыянын даамы сыяктуу ачуу даам. *Капчыгайды бет алган сыдырым жел эрмендин кермек, ачуу чаңын учурат* (Айтматов). *Ак кайың түбү кермектир* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Оор, кыйын, жагымсыздык. *Бубуштун бир максаты эмгек, Эмгексиз жүрө берүү ага кермек* (Турусбеков). *Иш жайы биздер үчүн кермек болду* (Токомбаев).

**КЕРНЕЙ** 1. Түтүндү сыртка чыгаруу үчүн каңылтырдан жасалган түтүк, мештин түтүн түтүгү. *Төбөсүнөн жеңдей керней чыгып турган будкада көмүр жүктөөчүлөр кобурап отурушат* (Сасыкбаев). *Ал жолдо бара жаткан пароходдун зор кернейинен чыккан түтүн болучу* (Сыдыкбеков). 2. *муз.* Ооз менен үйлөп тарта турган музыкалык аспап. *Кернейдей ичи тартылып, Керкулун турду жетекте* («Эл адабияты»). *Кернейдин үнү угулуп, барабандар дүңгүрөйт* («Аалам»). *Керней, сурнай тарттырып* («Манас»).

**КЕРОГАЗ** Керосин менен күйүүчү, дабышы жок жылуулук берүүчү буюм. *Балким, сизде примус же керогаз бар чыгар?* (Бейшеналиев). *Керогазды күйгүзүп, чай койду* («Ала-Тоо»).

**КЕРОСИН** Нефтиден бөлүп чыгарылган күйүүчү суюктук. *Чыракты колуна алып чайкап көрсө, керосин түбүндө гана шырпшырп этет* (Каимов).

**КЕРОСИНКА** Керосин жагып тамак бышыруучу биликтүү буюм. *Керосинкага от коюу.*

**КЕРӨӨ** *анч.* Алгыр бүркүт алууга качырганда түлкүнүн эки колун бооруна алып, каршылык көрсөтүүсү, айбат кылуусу.

**КЕРСЕЙ** Тоотмоксон болуп кекирейүү, бой көтөрүү, көктү карап калуу. *Кыдыр бай керсейип койду* (Сыдыкбеков). *Ал айрысын таянып, чөптү көздөй керсейип басып кетти* (Убукеев).

**КЕРСЕЙТ керсей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРСЕЙҮҮ керсей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРСЕҢДЕ** Бой көтөрүү, адамды боюна теңебөө.

**КЕРСЕҢДӨӨ керсеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРСТЕН** 1. Чоң тараза 2. Үкөк.

**КЕРСТЕНДЕЙ** Жоон-жолпусунан келген, балкайган. *Керстендей болуп күрсүйүп, кемерлүү жээкте жатат* (Айтматов). *Терс бурулуп кеткен Алымбайдын керстендей жотосу жансыздай зулкуюп тым-тырс* (Сыдыкбеков).

**КЕРТ** 1. Кыркуу, кесүү, кыя чабуу, тууроо. *Отун керт. Тал керт. Ар тамакты жайнатып, Казы кертип, жалды жеп, Жая кертип баарын жеп* («Эр Табылды»). 2. Кыска, так, даана, кесе. *Керте сүйлө.* 3. Кырка тиштөө, тиштеп кыркуу. *Чөп башын кертпей ылаалап, Жылкылар турат сайроодо* (Маликов).

**КЕРТ БАШЫ** Кара башы, жеке башы, өзү, өз башы. *Бир адамдын керт башы, Миң кишидей көрүнүп* («Сейтек»). *Чыгаша болсо керт башыбыз менен жооп беришели* (Жантөшев). *Азыркы маселе коммунист Бакасовдун керт башынын иши тууралуу, – деди ар бир сөзүн тактап* (Айт- матов). *Мен жеке чарбага кызыгуунун зыянын өз керт башыман өткөрүп билдим* (Каимов).

**КЕРТИЛ керт** этишинин туюк мамилеси.

**КЕРТИШ керт** этишинин кош мамилеси.

**КЕРТМЕК** Тегерете же жарым-жартылай муунакталган, муунагы бар кемтик. *Казыктын кертмеги. Кертмек кылып чабуу.*

**КЕРТТИР керт** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕРТҮҮ керт** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРҮҮ I кер II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕРҮҮ II** Тоонун жапыз бети, түзөң, жайык. *Керүүсүндө жаткан мал, Кашкайган тунук суулары, Атырылып аккан шар* (Токтогул). *Керүүгө айыл конуптур, Кечикпей жолуң болуптур* («Сейтек»).

**КЕРҮҮ III** Кармап калуу, туткундап алуу, барымтага алуу. *Баламды керүү алганы* («Манас» С.О.).

**КЕРЧӨӨ** 1. Койдун төш жаккы бөлүгүнөн териси менен кошо кесилип алынган майлуу эти. *Муздаган чучук кертилип, Түрдүү керчөө кесилди* («Мендирман»). *Аңгыча керчөө да даяр болду* (Каимов). *Кымыз өзөктү өрттөп баратат, керчөөсү кана?* (Токомбаев). 2. *аңч.* Мылтыктын кундагы менен шыйрагын кадаган кадоо.

**КЕРЭЭЗ** 1. Өлгөн адамдын артында калган жакындарына калтырган кеңеши, акыл-насаат, өтүнүчү. *Атасы акыл-насаат керээз кебин айтып турса* («Эл адабияты»). *Ата-эне айткан керээзди, Аздап эске сала жүр!* («Мендирман»). *Керээз өңдүү кеп жазып, Кетип турган шай ушул* (Казыбек). *Эдигейди керээз кылган ой басат, Бара турган Эне-Бейит жагы тар* (Акматалиев). 2. *өт.* Мурас. *Келсем да тирүү көрбөдүм, Керээзим жалгыз баламды* (Токтогул). *Алдыңда турган жаш бала, Кайним, агаңдын жалгыз керээзи* («Саринжи-Бөкөй»).

**КЕРЭЭЛИ КЕЧКЕ** Күнү бою, эртеден кечке чейин. *Керээли кечке тынбай иштеген күнү бут тарта албай, үйгө араң дегенде жетесиң* («Ала-Тоо»).

**КЕРЭЭТ** *туурасы:* **керет**. *Керээттүү энең бейтаалай* («Семетей» С.К.).

**КЕС I** 1. Өткүр курал менен (бычак, балта ж.б.) кыркуу, кыюу. *Шордуу энем Каныкей, Жүрөгү майлуу болсун деп, Жая кесип жал берди* («Сейтек»). *Карагай кесип, тал кыркып* (Токтогул). 2. Тилүү, тилик кылуу, тилип түшүү. *Жоон топ киши суу бойлоп айдалган апийимди кесип жүрөбүз* (Элебаев). *Тоңголок кести бутумду, Малыңа кантип барамын* (Барпы). *Колумду кесип кетерин билсем, этият кылбайт белем, бармагымдын терисин шылып кетпедиби!* («Ала-Тоо»). Кыя чабуу, чаап таштоо. *Ак албарс миздүү кылыч бер, Ажыдаар башын кесейин* («Манас»). 3. Дарынын, уунун ж.б. күчүнө карама-каршы таасир этүү, жоюп жиберүү, жеңүү. *Айран, сүт дарынын ууланта турган нерсенин күчүн кесет.* 4. Өксүтүү, кемитүү. *Кайгы өмүрдү кесет, калп ырысты кесет* (макал). 5. Туура басып өтүү, туура өтүп кетүү. *Эгерде токойго бет алсак, ушу кыштакты кесип өткөн чоң жолдун ары жагына чыгабыз* (Каимов). *Чаргын көчөнү туура кесип желдирте чыкты* (Сыдыкбеков). 6. Чен, өлчөм. *Тилдин учу без болду ай, Болот, Тиштин учу кес болду ай, Болот* («Эл адабияты»).

**КЕС II** *юр.* Күнөөлүү адамга сот тарабынан өкүм чыгарып, белгилүү мөөнөткө эркинен ажыратуу же чыгым тарттыруу. *Айыбы үчүн элүү сом кести. Бир кедей чыгым таппай кечиктирсе, Мойнуна абак кесип, сотко айдаган* («Жазгыч акындар»). *Кожо, молдо, эшенди Ажыратып эркинен Кескен элди карачы* (Токтогул).

**КЕСЕ** Чоң чыны, жыгач чөйчөк, аяк. *Шамбеттин колунда кесе толо кымыз мелт-калт этет* (Сыдыкбеков). *Жыгач кеселерди чанач кармаган жигиттин алдына койду* (Абдукаримов). *Чалап куят сыр кесеге жаймалап* («Ала-Тоо»).

**КЕСЕ АЙТУУ** Чечкиндүү сүйлөө, олку-солку болбой оюн так, даана баяндоо. *Эртеден бери шылтоо таппай шылкыйгандарды кыдырата көз алдынан өткөрүп, сөзүн кесе айтты* (Ашымбаев). *Ишке тааныштыргын деп кесе айтты* (Осмоналиев).

**КЕСЕГУЛ** *эск.* 1. Аякчы, шарап куючу. 2. *диал.* Кымыз сунуучу бала.

**КЕСЕК I** 1. Талкаланган, майдаланган нерсенин чоңураак бөлүкчөсү, бүтүн калган бөлүгү. *Алима эже жерге эңкейип кесек алат да, улуган итти кесек менен урат* (Абдукаримов). *Алмадай кесек калтырбай, Маласын Жайда тарткан бар* (Акаев). *Алар көмүрдүн кесектерине, тозоңуна көмүлдү да калды* (Сасыкбаев). 2. Дубал согуу же башка нерселерди куруу, тургузуу үчүн ылайдан тоголоктолгон топурак. 3. Майда эмес, анча майдаланбаган. *Кесек талкан. Кесек кум.*

**КЕСЕК II** Өңчөй, ылгый, жалаң. *Кесек митаамдар экен да. Кесек уурулардын тобу.*

**КЕСЕК ТОЮТ** Малдын чөп, бакал, саман сыяктуу тоюттары.

**КЕСЕЛ** 1. Адамдын же жалпы эле жаныбарлардын сыркоо, оору абалы, дарт, илдет. *Келген кесел чалып жерге кулатты, Муңга батып, төшөгүндө ал жатты* (Баласагын). *Кесел адам. Малдын кесели.* 2. Оорулуу, илдеттүү, сыркоологон адам. *Үсөн докторго бала жүгүрттү. Доктор келип, кеселдин тамырын кармап, жүрөгүн тыңшап көрдү* (Касымбеков).

**КЕСЕЛДЕ** Ооруп калуу, дартка чалдыгуу, кесел болуу.

**КЕСЕЛДЕТ** **кеселде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕСЕЛДӨӨ** **кеселде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕСЕЛДҮҮ** Оорулуу, кеселдеп калган, дарты бар.

**КЕСЕЛМАН** Сыркоо, оорулуу адам. *Жылкынын зардеби кеселманга табылгыс дары дейт.* (Айтматов).

**КЕСЕНДЕ** Боору менен сойлоп жүрүүчүлөр (жылан, кескелдирик, чаян өңдүү), чагуучулар, уусу барлар. *Кесип кылган адамга, Кесенденин баары бар* («Манас»).

**КЕСЕҢ** *туурасы:* **кезең.**

**КЕСЕП** Жүрүм-туруму, ниети бузук, ал-

дым-жуттум, хулиган, каракчы. *Элдин оокатын уурдап бүлдүргөн кесеп* (Токомбаев). *Көрсө, Чегиртке журттан чыккан кесеп тура* (Сыдыкбеков).

**КЕСЕПЕТ** Кандайдыр бир ишке, ой-тилекке, максатка ж.б. каргаша болгон, зыяны тийген жоболондуу окуя, кырсык, тескери жорук-жосун, кыянат. *Тоюп эсирген адамдардын кесепети бечара-карыптарга тийчү болду* (Элебаев). *Каардуу согуштун кесепети Сүлүктүгө да тийди* (Сасыкбаев).

**КЕСЕПЕТТҮҮ** Кесепети бар, кесирлүү, каргашалуу, жоболондуу, кырсыктуу. *Айыл арасында көзгө илинбей бугуп жаткан эскиликтин кесепеттүү натыйжасын эске албапмын* («Ала-Тоо»). *Бул жолдун кесепеттүү окуяларын мен жакшы билем* («Ала-Тоо»). *Кесепеттүү адам экенсиң да, сен турганда ишибиз оңолчудай эмес* («Чалкан»).

**КЕСЕР** Көкүрөк, омуроо (көбүнчө жылкыга карата айтылат) *Кесерден кара канды көр* («Семетей» С.К.).

**КЕСИК I** Тилинген, кесилген жер. *Буттун кесиги. Колдун кесиги.*

**КЕСИК II** Айыкпас, узакка созулган оору. *Кайтара Кашкар барганда, Кесик ооруп калганда* («Эл адабияты»). *Өлбөй житпей Кожожаш, Каканчылуу Бээжинде Кесик гана ооpу, – деп уккан* («Семетей» С.К.).

**КЕСИЛ I кес I** этишинин туюк мамилеси. *Кесилген жип. Кесилген кесме.*

**КЕСИЛ II кес II** этишинин туюк мамилеси. *Кесилген күнөкөрлөр.*

**КЕСИМ I** Кесилип алынган бир бөлүк, кесинди. *Бир кесим эт. Бир-эки кесим нан.*

**КЕСИМ II** Чечим, өкүм, бүтүм. *Болуштун кесимине макул болбоско айлаң барбы?!* («Ала-Тоо»). *Он карадан бир кара, Кесими бар дечү эле* (Токтогул).

**КЕСИМДҮҮ** Белгиленген мөөнөткө кесими бар. *Кесимдүү малай. Шоруң катып кесимдүү, Айга жүрдүң, кедейлер* (Тоголок Молдо).

**КЕСИНДИ** Бир бүтүн нерседен кыркылган, кесип койгон, кесип таштаган бөлүк. *Кийиздин кесиндилери. Жыгачтын кесиндиси.*

**КЕСИП** Адистикти, жөндөмдүүлүктү талап кылуучу белгилүү иш тармагы же белгилүү багыт менен өнүктүрүлүп отурган ишмердүүлүк, профессия. *Мугалимдик кесип. Аңчылык кесиби. Кол өнөрчүлүк кесиби.*

**КЕСИП АЛСА, КАН ЧЫКПАГАН** Зыкым, сараң, колунан эч нерсе чыкпаган, катуу баш. *Кесип алса, кан чыкпаганына Эдигенин көзү жетти* (Осмоналиев). *Бул жамандан кесип алса, этинен кан чыкпайт көрүнөт?* (Сыдыкбеков). **В.: Кессе кан чыкпаган.** *Мамыр-мазимдин бул кызы кессең кан чыкпаган бир жез тырмак эле* (Элебаев).

**КЕСИПТЕШ** Бир кесипти аркалаган, бирдей кесипте иштеген адамдар.

**КЕСИПЧИ** Кандайдыр бир кесипте иштеген адис, белгилүү бир кесиби бар адам.

**КЕСИПЧИЛИК** Кандайдыр бир ишти өзүнө кесип кылып иштегендик, белгилүү бир кесип боюнча иш жүргүзүүчүлүк.

**КЕСИР** 1. Бир нерсенин баркын, кадырын билбеген текеберчилик, аны чангандык, баалабагандык же ошондой мамиледен улам болду деп эсеп кылынган кырсык. *Тамакты кесир кылба. Кесири тийүү. Кесир болот деп коркуу, Кесир сүйлөө: Мунун кесирин кара!* 2. Зыян, залал, кесепет, каргаша. *Кесир кылса бул ишке, Кекти ошондон алалык* («Эр Табылды»). *Ак ниеттүү адамды Кесир кылып тоспогун* (Токтогул). *Менин кесирим тийдиби?* (Сыдыкбеков).

**КЕСИРДҮҮ** 1. Текеберчилиги бар, бой көтөргөн, менменсиген, кекирейген. *Кесирдүү киши.* 2. Кесепеттүү, зыяндуу, кырсыктуу. *Көрдүк бейм баштан өткөрүп, Кесирдүү жаат урушуң* (Тоголок Молдо). *Кесирдүү өлүм жолугуп, Кескен талдай кулanып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КЕСИРЛЕН** 1. Кесир кылуу, чануу, жамансынтып текеберсинүү. *Айранды кесирленип ичпей, кымыз болсо деп турган го!* («Ала-Тоо»). 2. Бой көтөрүп чиренүү, эчтемени көзүнө илбей менменсинүү, текебер кылуу. *Камчысын ээрдин кашына таяп, кесирленип, ат үстүндө гана карап турат* (Элебаев).

**КЕСИРЛЕНТ кесирлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕСИРЛЕНҮҮ кесирлен** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕСИРЛҮҮ кесирдүү** менен бирдей. *Кесирлүү байдын заңкасы, Тиер бекен биздерге* (Казыбек). *Кесирлүү Карабектин кесепетин көрчү!* (Каимов).

**КЕСИШ кес I** этишинин кош мамилеси.

**КЕСКЕК** Чоң чычкандардын бир түрү.

**КЕСКЕЛДИРИК** Денесинде кабырчыктары бар, төрт буттуу, узун куйруктуу, сойлоп жүрүүчү кичинекей жаныбар. *Кескелдирик жойлосо, Кере кулач жыландай* («Семетей»). *Жыланды үч кессе да, кескелдирикче алы бар* (макал).

**КЕСКИ** Митайым, зулум, куу, шылуун. *Бул оңбогон кески далай шумдуктун ичинен чыгат деген эмес белем* («Ала-Тоо»). *Ташта адат эскиңди, Кылба ууру, кескиңди* («Жазгыч акындар»).

**КЕСКИН** Кыска, шар, чечкиндүү. *Тоозак эчтекеден кайра тартпайт, аракети да, сөзү да өтө кескин* (Абдукаримов). *Досунун кескин жообун укканда, башын чулгуп алып, бирок эмне дээрин билбей тунжурай түштү* («Ала-Тоо»).

**КЕСКИЧ** Катуу нерсени (мис. темирди) кесүү үчүн колдонулуучу аспап. *Каныбек менен капитан балта, балка, кескич алып келүүгө кетишкен* (Жантөшев).

**КЕСМЕ** 1. Камырдан ичке кесилип, тамакка салына турган азык заты жана ушундан жасалган ысык тамак. *Табактарга кесме куюлуп, нан стол үстүндө тууралып жатты* (Байтемиров). 2. *диал.* Эки элидей болгон жака.

**КЕСМЕН** Бирөөлөргө сый кылып берилген кызылдаган эгин. *Абдылда эгин сапырып аткан экен, кесмен алып келдим.*

**КЕСМЕР** 1. Тоо пиязы, көбүргөн. 2. Каачучу, көбүргөн сыяктуу кол оорусу.

**КЕССЕ КАН ЧЫКПАГАН к. Кесип алса, кан чыкпаган.**

**КЕСТИК** Кичине бычак. *Жанында болот кестигин, Кындан суурup алды эми* («Эр Төштүк»).

**КЕСТИР I кес I** этишинин аркылуу мамилеси. *Карагай кестир. Темир кестир. Жер кестир.*

**КЕСТИР II кес II** этишинин аркылуу мамилеси. *Сотко кестир.*

**КЕСҮҮ I кес I** этишинин кыймыл атоочу. *Эт кесүү. Тал кесүү.*

**КЕСҮҮ II кес II** этишинин кыймыл атоочу. *Түрмөгө кесүү.*

**КЕТ I** 1. Турган, болгон жеринен башка бир жакка жөнөө, кайтуу, баруу. *Буту-колум кишенде, Муңайып алыс кетемин* (Токтогул). *Алса да кеттик, албаса да кеттик* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир абалдан чыгуу, мурдагысынан өзгөрүлүп, арылып, башкача абалга келүү, жоюлуу, жок болуу. *Кетти, кетти, кетти чоң үй капасы, Кеткенине кубанды уул, атасы* (Осмонов). *Мууну кетип калтырап, Кармаган колу карышты* (Жантөшев). *Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет* (макал) 3. Дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Ушул бойдон туяксыз кетсе, кайран неме өрт өчкөндөй болбосун* (Сыдыкбеков). 4. Болуп өтүү, болуп калуу. *Сенден бир балалык иш кетти. Ошондо бир билбестик кеткен экен* («Ала-Тоо»). 5. Жумшалуу, сарп кылынуу. *Ишти бүтүрүүгө көп күч кетти. Канча каражат кетти?* 6. Негизги этишке айкашып, кыймыл-аракеттин тезинен, чукулунан боло калганын, же кыймыл-аракеттин болуп өткөнүн билдирүүчү жардамчы этиш катары колдонулат. *Коркуп кетти. Шашып кетти. Узап кетти. Отура кетти. Бере кетти. Келе кетти.*

**КЕТ II кети** менен бирдей.

**КЕТЕ** 1. Кымбат баалуу кездеменин түрү. *Арзан иш эмес ойлочу, Алтын, кете арттырып* («Эл адабияты»). 2. Аялдардын баалуу кездемеден жасалган бешманты, кемсели. *Келинге кете кийгизип, Кете тондун этегин, Керилтип жерге тийгизип* («Манас»). *Кете тон кийип жаркылдап* («Семетей» С.К.).

**КЕТЕ БЕРҮҮ** Өлүү, каза болуу, турмуштан өтүү. *Кийинки жылы отпускага чыгып, айлына барып келсе, кайран киши небересин ойнотуп отуруп кете бериптир* (Сыдыгалиев).

**КЕТЕЛЕК** *тар.* Согушта колдонулуучу союл. *Кылычы кынга асылуу, Кетелек курга чатылуу* («Эл адабияты»).

**КЕТЕНЧИКТЕ** 1. Артын карай кадам шилтөө, чегинүү, артын көздөй жылуу. *Айла канча! Рудольф кетенчиктей басып, кайра чыкты* (Баялинов). *Айгүл акырын кетенчиктеп отуруп, эшикке жакындады.* (Жантөшев). 2. *өт.* Өксүү, начарлоо, артка кетүү. *Биздин ишибиз күндөн-күнгө кедери кетип, кетенчиктеп баратат* («Чалкан»). 3. *өт* Ийменүү, тартынуу, батына албоо, айбыгуу. *Ушул сөздүн кезеги келгенде, тилимдин учунда турса да, кетенчиктеп айта албадым* (Айтматов).

**КЕТЕНЧИКТЕТ кетенчикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕТЕНЧИКТӨӨ кетенчикте** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕТЕЧЕ** Майда буюм-терим салуу үчүн коозлолуп, саймаланып тигилген баштык. *Кетеченин ичинен, Дайынсыз кетти дареги* («Мендирман»).

**КЕТЕЧИ кетече** менен бирдей. *Кең баштыктын ичинен, Кетечинин түбүнөн, Алып чыкты бир буюм* («Эр Төштүк»).

**КЕТЕЧИК кетече** менен бирдей.

**КЕТИ** Бир нерсенин четинен сындырып, омуруп алуу, кетилген абалга келтирүү. *Балтанын мизин кетип коюптур. Кантты кетип жей берди.*

**КЕТИК** Бир жери сынып же кетилип калган. *Чети кетик чыны. Мизи кетик бычак. Башын ак жоолук менен кайра тарта бууган кетик тиш аял – Бурма* (Каимов).

**КЕТИЛ кети** этишинин туюк мамилеси.

**КЕТИР кет I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕТИРЕЙ** Мурду кыска, кетирекей көрүнүштө болуу, кетирекей тартып көрүнүү.

**КЕТИРЕЙҮҮ кетирей** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕТИРЕКЕЙ** Мурду кыска, келте, кетирейген. *Көк чыт көйнөкчөн кетирекей сары бала комузду алып келди* (Сыдыкбеков). *Он алты жашар бир кетирекей мурун кара кызым бар* («Ала-Тоо»).

**КЕТИРЕНДЕ** Кетирекей кейипте болуу (сүйлөө, күлүү), кетирең-кетирең этүү. *Кетиреңдеп күлгөн келин талаа бригадасынын звеновою* (Сыдыкбеков).

**КЕТИРЕНДӨӨ кетиренде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕТИШ** Ынтымактары, ыркы кетүү, мамилеси бузулуу, араздашуу, ажырашуу. *Эки коңшу кетишип калды. Агайын-тууган кишилер кетише албайт.*

**КЕТИШҮҮ кетиш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕТМЕН** Жер казуу, арык чабуу ж.б. иштерге колдонулуучу эмгек куралы. *Кетмен чаап, тер баскан, Кербен тартып чөл баскан* (Калмырза). *Бир кетмен, эки лом, беш жыгач күрөк даярдагыла* (Жантөшев). *Бардыгы күрөк-кетмендерин жерге коюп, карап турушкан эле* (Ашубаев).

**КЕТМЕНДЕ** Кетмен менен чабуу, казуу. *Кара жерди биз быйыл Кетмендеп жатып оёлу* («Манас»).

**КЕТМЕНДЕТ кетменде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕТМЕНДИН ЖЕБЕСИ** Кетмендин мизинен тартып бардык жалпак жайыгы, жалкыны.

**КЕТМЕНДӨӨ кетменде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕТМЕНЧИ** 1. Кетмен менен иштеген, кетмен чапкан адам. *Уйчу, койчу, кетменчинин Менмин сүйгөн акыны* (Осмонов). *Салкынга эргий түшкөн кетменчи жигиттер ансайын күүлөнүшөт* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кедей, дыйкан. *Али эсимде, жыйырма эки жыл илгери, Ушул колхоз кетменчиден курулган* (Маликов).

**КЕТҮҮ кет I** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЧ I** 1. Күн батып, караңгы түшкөн мезгил. *Кеч кирген убак. Бүгүн кечте келүү керек.* 2. Эрте эмес, өз убактысында (маалында) болбогон, кечиккен шартта. *Ой, баса, азыр да кеч эмес* (Байтемиров). *Сапар шахтадан күндөгүдөн кеч кайтты* (Сасыкбаев). *Эртеси Жылдызкандар кеч ойгонушту* (Байтемиров).

**КЕЧ II** 1. Агын суудан (кечүүдөн) өтүү, суу токтогон же суу каптаган жер менен басуу, жүрүү. *Кеч жөнөдү турбастан, Күркүрөп аккан суу кечип* (Тоголок Молдо). *Ушул өзөндүн өйдөкү кечүүсүнөн кечип өтүүгө мүмкүн болбой, суу катуу кирип турган убак эле* («Ала-Тоо»). *Көлчүктү арыбери кечип, балдар куушуп ойноп жүрүштү* («Жаш ленинчи»). 2. *өт.* Баштан өткөрүү, жашап, көрүп өтүү. *Жалганчы болуп жүргүчө, Жалгыз жүрүп күн кечем* («Эр Табылды»). *Көздөн агып мончок жаш, Эмнелерди кечпеди* (Турусбеков).

**КЕЧ III** 1. Кыйылбай, аянбай таштап салуу, карабоо, мейли деп коюу, аёо кылбоо. *Үй-жайдан да, бала-чакадан да кечкен кишилер бар* (Абдукаримов). *Ошондон түшкөн пайданы кечтим деп, карабай кете берер элем* («Ала-Тоо»). 2. Туугандык, жакындык мамилени үзүп, араздашып калуу, кетишүү. *Тууган деп туштук үйүңө, Тартуубузду бербесең, Таарындык – сенден кечебиз* («Эр Табылды»). *Баламдан кечип, карабай коюуга жүрөгүм чыдагыдай эмес* («Ала-Тоо»). 3. Ичине кек сактабай, айыбын, күнөөсүн кечирип коюу, айып этпөө. *Бул айыпты кечиңиз, Кечпес болсоң айыпты, Мынакей башты, кесиңиз!* («Манас»). *Тарбиядан тайкымын, Орой айтсам, кечип кой, аба* («Сейтек»). *Жаңылыпмын бир жолу, Кечип койчу сен муну* (Жантөшев).

**КЕЧЕ I** Кандайдыр бир салтанаттуу окуяга байланыштуу жыйналыш, оюн-зоок, таңтамаша. *Мектепте уюштурулган кечеде комуз чертип ырдагамын* («Ала-Тоо»). *Жакында абдан кызуу кечеде болдук* (Абдыраманов). *Коштошуу кечебиз да болуп өттү* (Сыдыкбеков).

**КЕЧЕ II** Тантык, тил билбес, кепке-сөзгө жакшы түшүнбөс. *Кеченин тилин энеси билет* (макал).

**КЕЧЕ III** *туурасы:* **кечээ.**

**КЕЧЕҢДЕ** Кечиккенсүү, убагында болбой, саал кечиге түшүү, кечирээк аткарылгансып калуу. *Иш кечеңдеп бараткансыйт* («Ала-Тоо»).

**КЕЧЕҢДЕТ кечеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЧЕҢДӨӨ кечеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЧИГҮҮ кечик** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЧИК** Өз убагында, маалында келбей, же кандайдыр бир ишти аткара албай, кеч калуу, үлгүрбөй калуу. *Сен болбосоң эжем жумуштан кечигет эле* («Агым»). – *Самат эмне мынча кечикти?* (Сасыкбаев). *Атам кечиккен сайын чыдамым кетет, кыжалатым күчөйт* (Касымбеков). *Эрте бүтпөй, эки саатка кечиккен экенбиз* («Аалам»).

**КЕЧИКТИР кечик** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕЧИКТИРҮҮ** 1. **кечиктир** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Бүтө турган ишти өз убагынан, маалынан артта, кеч калтыруу.

**КЕЧИЛ I** 1. Үйлөнбөй, дүйнөдөн так өткөн адам. *Кечил өтүү. Жолдоштору кечилдеп, шылдыңдап жүрүшөт* (Ашубаев). 2. Эпостук чыгармаларда «калмак» деген түшүнүктү билдирет. *Кечилдин каны Коңурбай* («Манас»). *Кечилден отуз келсин – деп* («Манас» С.О.).

**КЕЧИЛ II кеч III** этишинин туюк мамилеси. *Кечилбес күнөө. Айыбы кечилбейт.*

**КЕЧИЛДИК** Дүйнөдөн безгендик, үй-жай, мүлктөн кечкендик, үйлөнбөй кечил болгондук.

**КЕЧИНДЕ** Күн батарга жакын, күн баткандан кийин, кеч кирген мезгилде. *Кечинде жетип токтолду, Чоң Үргөнчтүн четине* («Курманбек»). *Таяк алып колуңа, Малды көздөп турасың, Эртең менен, кечинде* (Токтогул). *Жаз, жай, кыш, күз, таңда, күндүз, кечинде* (Сахгами).

**КЕЧИР I** Далынын аяк ченине туташкан кемирчек (эски жоокерчилик мезгилинде колго түшкөн душмандын ушул кемирчегин кесип, алсыздандырып таштоо салты болгон). *Колум сынып, бут кылып, Тороло албай турамын. Кечирим жоого кестирип,*

*Чоңоё албай турамын* («Сейтек»). *Какшап турган Канышай, Кечирге тартып жиберди* («Семетей»).

**КЕЧИР II кеч II** этишинин аркылуу мамилеси. *Суудан кечир, Арыктан кечир.*

**КЕЧИР III кеч III** этишинин аркылуу мамилеси. *Күнөөмдү кечир. Мени кечирип кой.*

**КЕЧИРИМ** Кимдир бирөөнүн айыбын, күнөөлүү иштерин кечиргендик, кечкендик же күнөөмдү кечир деген маанидеги өтүнүч, суроо. *Кечирим кылуу. Кечирим суроо.*

**КЕЧИРИМДҮҮ** Күнөөсү анча эмес, кечирип коюуга болорлук, катуу кеткен эчтемеси жок. *Кечиримдүү иш.*

**КЕЧИРИМДҮҮЛҮК** Кечире билгендик, түшүнө билгендик, айкөлдүк.

**КЕЧИТ** *диал.* Кечүү, кечмелик. *Кечир жактагы дөбөдө турган бак-дарактуу короолор – биздики* (Айтматов). *Байдамтал суусу элирген. Абайла түндө кечиттен* (Айтматов).

**КЕЧИШ** Өткөн-кеткенди унутуп, бирибирине кечирим кылуу, кечиришүү, жарашуу. *Болуптур, досум, өткөндүн бардыгын кечишели, мурдагыдай болушалы* («Ала-Тоо»).

**КЕЧКЕ** Күнү бою, караңгы болуп, кеч киргенче. *Койчу, балам, кечке тамак ичпедиң, ачка болбогондо канттиң* (Байтемиров). *Кечке жумуш кылып чарчагандыгын билишпей, бири кыяк тартып, калгандары бийлей башташты* (Жантөшев).

**КЕЧКЕ МААЛ** Кеч киргенге, күн батарга жакын, кечкурун. *Кечке маал капчыгайдын өрдөшү алда кандай бир кооз көрүнүш менен капталды* (Сасыкбаев). **В.: Кечке жуук.** *Мен колума таяк алып, айылга кечке жуук жетип бардым* (Сыдыкбеков).

**КЕЧКИ** Күн баткандагы, кеч болгондогу, кечтеги, кеч киргендеги. *Коңгуроо кагылып, кечки тамакка чакырды* (Ашубаев). *Кечки жел берет сергүүндү, Эмгекти кылып жатканда* (Бөкөнбаев).

**КЕЧКУРУН** Кечке маал, кечкисин, күн батарда. *Кечкурун үйгө башкы механик Касымакундун курбалдары келишти* («Ленинчил жаш»). *Эл кечкурун тышта малсалдын сарамжалында жүргөн* (Элебаев).

**КЕЧМЕК кечмелик** менен бирдей.

**КЕЧМЕЛИК** Суунун кечип өтө турган жери, кечүүсү. *Биз айылдан чыгып, кечмелиги жайык өзөн сууга туш келдик* (Каимов). *Кечмеликке бурулбай, башын жерге салып, анда-санда бут таштайт* («Ала-Тоо»).

**КЕЧӨӨ** *туурасы:* **кечээ.**

**КЕЧТЕ** Кеч болуу, кеч кирүү. *Күн кечтеп бараткан эле.*

**КЕЧТИК** Убактысы, маалы өтүп, кеч калгандык, кечиккендик. *Азыр барсак кечтик кылбайбы? Арпаны майда сепсе да кечтик кылбайт.*

**КЕЧТИР кечир II** менен бирдей.

**КЕЧҮҮ I кечмелик** менен бирдей.

**КЕЧҮҮ II кеч II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕЧЭЭ** 1. Мындан (бүгүнкүдөн) мурдагы күнү, кечээги өткөн күнү. *Кечээ күнү мында кеч келип конгон малчылар бүгүн таңдын үрүң-бараңында козголду* (Убукеев). *Чоко кечээ кечтен бери жол тосуп, азыр үйүнө карай басты* (Жантөшев). 2. Мындан мурда, өткөн күндөрдүн биринде. *Кечээ каралап мени айдаган, Керимбай өңдүү манаптар, Эл ичинен куулду* (Токтогул). *Кечээ ашына барып буруттун, Олжолоп жылкы алганбыз* («Манас»). *Кечээ койчу Алымкулум, Бүгүн кенге кириптир* (Бөкөнбаев).

**КЕЧЭЭГИ кечээки** менен бирдей. *Эске алышат кечээги өткөн кездерин* («Ала-Тоо»). *Кечээги эле өз колубузда өскөн балдардын бири эмессиңерби!* («Чалкан»).

**КЕЧЭЭКИ** 1. Кечээ күнкү, мындан бир күн мурдагы, өткөн күнкү. *Шаардын ичи кечээкиден да дүрбөлөңдүү* (Токомбаев). 2. Мындан мурдараактагы, мурунку кездеги. *Атаң кечээки болуп өткөн согушта каза тапты* (Сыдыкбеков). *Кечээки жаш балдардын алды минтип эр азамат болду* («Ала-Тоо»).

**КЕЧЭЭНДЕ кечеңде** менен бирдей.

**КЕЧЭЭНДЕТ кечеңдет** менен бирдей.

**КЕЧЭЭТЕН** Мындан бир күн мурдараактан. *Кечээтен бери күн катуу ысып, суунун киргени күчөдү* («Ала-Тоо»). *Кечээтен кайда жүрдү эле, эми кеч болуп калбадыбы* («Жаш ленинчи»).

**КЕШЕНЕ** Белге орой турган сызма кур, кездеме кур. *Беш оролгон кешене.*

**КЕШИГИ ЖОК** 1. Ырысы жок, бактысыз, байкуш, шордуу. *Кешиги жок, кайсы арыңа уктайсың!* 2. «Байкушум, ырысы жогум, багы жок шордуум» деген сыяктуу аягандык, боор ооругандык мааниде колдонулат. *Сак бол, кешиги жогум: Эми кантер экенсиң кешиги жогум?* **В.: Кешиги каткан.** *Кешиги каткан байкуш, мынча эмне үшүдүң.* **Кешиги кедейген.** *Кызымдын кешиги кедейген тура!*

**КЕШИК** 1. Кудалар (көбүнчө аялдар) алып келген бышылуу тамак-аш. 2. Той, аш берилген жерден алып келинген бышылуу тамак-аш. *Аштан, тойдон келген кешиктен ооз тийгиздиби? (*«Ала-Тоо»). 3. Бирөөнүн жегенинен калган, арткан тамак, табактын түбү. *Табагын элге тарттырды, Майга тоюп баарысы, Кешигин кенен арттырды* («Манас). *Түндөн жебей таштаган Ышкынаалынын кешиги ошол жыгач табакта турат* (Байтемиров). 4. *өт.* Бакыт, ырыс, таалай. *Ак кызматтан арттан сенин кезигиң, Аракетчил ачат бакыт эшигин* (Баласагын). *Кешиги жок бечара, сага азаптан башканы айткан эмес экен да!* («Ала-Тоо»).

*Кешигиң болсо ушинтип кем болуп калат белең!* («Ала-Тоо»). *Кешик эле ак куржун, Ичинде карта, карын, сүр калды.*

**КЕШИКТҮҮ (ырыс-кешиктүү)** Бактылуу, таалайлуу, ырыстуу. *Бак-таалайлуу, ырыс-кешиктүү, бала-чакалуу болушсун* (Бейшеналиев).

**КЕШИТ** *диал.* Ноорузда баш-шыйрак, ичеги-карындан жаңы жыл тосууга арналып даярдалган тамак.

**КЕШМИР** Жоолуктун бир түрү. Кашмирде чыгарылган шалы жоолук. Бул жоолукту өтө уяң жүндөн токуган.

**КЕШПИР** Кейип, кебете, түспөл, жалпы көрүнүш. *Көз салып карт багбандын кешпирине Ал-жайын бир аз тыңшап угалы жай* (Абдыраманов). *Кара мүртөз адам экендиги кешпиринен эле билинип турбайбы* («Чалкан»).

**КЕШТЕ I** Бир нерсеге сайылган сайма, саймаланган оймо-чийме. *Кеште салынган жоолук.*

**КЕШТЕ II кештеле** менен бирдей. *Көк кештеп тиккен жоолугуң, Көп санаа кылат жоругуң* (Токтогул).

**КЕШТЕЛЕ** Кеште салуу, саймалоо. *Кулу калпа кештелеген ак жоолугу менен бүйрө курчанган* (Жантөшев).

**КЕШТЕЛЕН кештеле** этишинин өздүк мамилеси.

**КЕШТЕЛЕТ кештеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЕШТЕЛӨӨ кештеле** этишинин кыймыл атоочу.

**КЕШТЕЛҮҮ** Кештелеген, саймасы бар, оймо-чиймелүү, саймалап көркөмдөгөн. *Кештелүү жоолук. Кештелүү калпак.*

**КИБЕРНЕТИКА** Механикалык, электрондук, физиологиялык ж.б. сыяктуу ар түрдүү процесстерди автоматтык контролдоонун жана өзүн өзү башкаруунун, ошондой эле аларды моделдештирүүнүн жалпы теориясы.

**КИБИҢДЕ** 1. Көздү жүлжүйтүп, бат-бат ачып-жуумп туруу, кыбындоо. 2. *өт.* Жалтангансып, шектенгенсип тике карай албоо, көзүн ачып-жуумп жалтактоо. *Биз унчуксак ачууланган үн менен, Күнөөлүүдөй жаздым карап кибиңдейт* (Токомбаев).

**КИБИҢДЕТ кибиңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИБИҢДӨӨ кибиңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИБИР** 1. Майда, кичине. *Зергерчиликтен талап кыла турган кибир иштерди кылдаттык менен орундатам* (Абдукаримов). 2. Кыймыл-аракети жай, кашан, кыбыр көрүнүш, жүдөө. *Адамдын кибири.*

**КИБИРЕ** 1. Кибир, жай кыймылдоо, кыбыр көрүнүштө болуу. *Демейде кибиреген тумсак Керез күлүк Кычанга да караандатпай жөнөдү* (Бейшеналиев). 2. Майда, кичине болуп көрүнүү, начар, жүдөмүш кебетеде болуу. *Кибиреген майда козулар. Кибиреген арык бала.*

**КИБИРЕТ кибире** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИБИРӨӨ кибире** этишинин кыймыл атоочу.

**КИБИТКА** Чүмбөт чана. *Үч кибитка жүккө тирелди,Үрпөңдөшөт эркек-аялдар* (Пушкин).

**КИДИГИЙ** Бою абдан кыска, кипкичине. *Балким, ата-энеден эрте ажырап, тоголок жетимдиктин саатынан кидигий болуп калган чыгар* (Бейшеналиев).

**КИДИЙ** Кидигий, кипкичине болуп көрүнүү, тыптырнактай болуп кыдыюу. *Кидийген бечара, сенин алың жетер иш эмес! Куру бекер тырмаңдаба!* («Ала-Тоо»).

**КИДИЙТ кидий** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИДИЙҮҮ кидий** этишинин кыймыл атоочу.

**КИДИК кидигий** менен бирдей.

**КИДИҢ: кидиң-кидиң** Кичине адамдын кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Кидиң-кидиң этүү. Кидиң-кидиң жүгүрүү.*

**КИДИҢДЕ** Кидиң-кидиң этүү, кидиң-кидиң жүгүрүү, басуу.

**КИДИҢДЕТ кидиңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИДИҢДӨӨ кидиңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИДИР I** Тоскоол, жолтоо. *Жолдо кидир болбос үчүн, Бул паровоз жар салат* (Токомбаев).

**КИДИР II** Токтоп калуу, буйдалып, кармалып калуу, алаксуу, кечигүү. *Барарым менен терилерди складга өткөрдүм, кидирбей директорго кирдим* (Касымбеков). *Ошондо Сыргак талаадан Кидирбестен жетти эми* («Манас»). *Кетмек экен табылбай, Аз кидирсек кечигип* (Осмонкул).

**КИДИРГИ** Токтоп калуу, буйдала түшүү, алаксуу. *Ал кандай нерсени баштабасын, бир кидиргимейинче аягына чыга албайт* («Ала-Тоо»). *Буттары шилтөөгө келбей, кидиргий түштү* («Ала-Тоо»).

**КИДИРТ кидир II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИДИРҮҮ кидир II** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЕ** 1. Чөп, көк чөп. 2. Кээде жалпы эле өсүмдүк – жерден өнүп чыккандар маанисинде да айтыла берет. *Жерден кие чыгар – деп* («Манас» С.О.). *Жекеден бөлөк кие жок* («Манас» С.О.). *Толуп жаткан киени Тоо кийиктер издеген* (Тоголок Молдо).

**КИЙ I** Бильярддын шарларын уруп, түртүп ата турган түз таякча. *Не кылсам деп түрдүү ой кылат, Ниеттенип кийди колго алат* (Пушкин).

**КИЙ II** Кийимди үстүнө, ийнине, бутуна салуу, кийимчен болуу. *Барпы өтүгүн коңул-*

*так кийип, көйнөгүнүн үстүнөн кара ичигин желбегей жамына чуркаган экен* (Байтемиров). *Ай дальыңды кубантып, Асылды кийсең ал кызык* (Токтогул). *Ат сактаган ат минет, тон сактаган тон кийет* (макал).

**КИЙГИЗ кий II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЙДИР кийгиз** менен бирдей. *Кийбегенди кийдирди, жебегенди жедирди.*

**КИЙЕ** *туурасы:* **кие.** *Дүйүм кийе дуулдап бар алына келип, бир кылка баш алып калган убак* (Касымбеков).

**КИЙИЗ** Боз үйдүн жабуусун, шырдак, калпак, кементай ж.б. нерселерди жасоо үчүн колдонулуучу жүндөн жасалган калың материал. *Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку* (макал), *Кийиз калпак кийген, байпагы да кийиз, демек, кою көп экенин ушул белгилери эле байкатып турбайбы* («Ала-Тоо»).

**КИЙИЗ АЯЗ** Анчалык катуу эмес суук.

**КИЙИЗ БАСУУ** Жүндөн кийиз даярдоо ыкмасы.

**КИЙИЗ КИТЕП** Ойдон чыгарылган, бар экендиги анык болбогон китеп. *Сен аны кайсы кийиз китептен окудуң? Сен аны кийиз китептен көрдүңбү?*

**КИЙИЗ ТЕПКЕНДЕЙ КЫЛУУ** Аябай сабоо, токмоктоо. *Болбосо сени кийиз тепкендей кылат бай* (Осмоналиев). *Көз ачыпжумганча аны кийиз тепкендей кылып кетишти* (Сыдыкбеков).

**КИЙИЗДИК** Жүндүн кийиз жасала турган өлчөмү, бөлүгү. *Айжаркын бир кийиздик жүндү сабап бүтүргөнүнө жеңилдей түшкөнсүдү* («Ала-Тоо»).

**КИЙИК** Аркар, кулжа, элик, бөкөн, бугу, эчки сыяктуу жапайы айбандардын жалпы аты. *Кийиктин жүргөн тоосу бийик болсо, көзү кызыл болот* (макал). *Сырттандыгың чын болсо, Толуп жаткан кийиктен, Бизге соогат бериңиз* («Эр Төштүк»). *Улары тоодо үн салган, Кийиги тоодон тынч алган* (Токтогул).

**КИЙИКТЕ** Кийикке аңчылык кылуу, кийик уулоо. *Ак чаңгыл тоонун этегин, Адис мерген кийиктейт* («Ала-Тоо»).

**КИЙИКЧИ** 1. Кийикке аңчылык кылган мергенчи, кийик уулоочу. 2. *өт.* Упай оюнунда окчунун каршысы (экинчи тараптагы оюнчу).

**КИЙИЛ кий II** этишинин туюк мамилеси. *Кийилген кийим. Кийилген тон.*

**КИЙИМ** Адам кийүү үчүн тигилген тон, чепкен, көйнөк, өтүк ж.б. жалпы аты. *Ич кийим. Сырт кийим. Бут кийим. Зубайда сандыгынан кийим алып берди* (Убукеев). *Дүкөнгө барып жылуу кийим алышты* (Байтемиров). *Айтса бирөө мүлк, дүйнөңө ич тарып, Кимдергедир жакпайт кийген кийимиң* (Сахгами).

**КИЙИМ КАТМАЙ** *этн.* Балдар жеңилжелпи кийимдерин катып ойной турган оюн.

**КИЙИМ-КЕЧЕ** Жалпы эле кийимдер, кийимдин ар кандай түрү. *Курма Айдайдын кийим-кечелерин камдай баштады* (Каимов).

**КИЙИМДҮҮ** Үстүндө кийими бар, кийимчен, кийими көп, кийим-кечелүү. *Сур кийимдүү, кара кер атчан бирөө так биздин маңдайыбыздагы жолдон чыга түштү* (Элебаев).

**КИЙИМЧЕН** Кийими менен, кийими бойдон, кийим кийинген. *Алдыңкы вагондон аскер кийимчен адам чыга келгенде: «Фрунзе, Фрунзе!» деген үндөр уктум* («Ала-Тоо»). *Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен, Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы* (Осмонов).

**КИЙИН I кий II** этишинин өздүк мамилеси.

**КИЙИН II** Арт жакта, бирөөнүн, бир нерсенин соңунда, артында, оолагыраак жагында. *Тебелеп тулаңыңды көп ойнодум, Так болуп баскан изим калар кийин* (Шимеев). *Тура түшүп, бир аз кийин калып калган Оморбайга кылчайып, шылдыңдап күлүп койду* (Элебаев). *Силер кичине кийин болгулачы* (Жантөшев).

**КИЙИН III** Белгилүү убакыт өткөндө, өткөн соң, кийинчерээкте, соңунда. *Бир аздан кийин кайда экенин таап алып, жанына барды* (Элебаев). *Аздан кийин көзүнөн жаш чыгып, апкаарый түшүп, муунуп кетти* (Байтемиров).

**КИЙИНДЕ** Кийин болуу, артын карай жылуу, кетенчиктөө, артта калуу. *Өзүм да кийиндеп олтурдум* («Чалкан»). *Омор эшик алдына келгенде, кийиндей берди* (Сыдыкбеков). *Иштин кыймылы анча эмес, күндөнкүнгө кийиндеп бараткансыйт* («Ала-Тоо»).

**КИЙИНДЕТ кийинде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЙИНДИР кийинт** менен бирдей.

**КИЙИНДӨӨ кийинде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЙИНКИ** Акыркы, соңку, сонундагы, арт жагындагы. *Бирок канчалык аны самагания менен ыгы келип, кийинки күндөрдө жолуга албай койду* (Байтемиров). *Карабек да кийинки жылы жашылча өстүрүүгө киришти* (Каимов). *Мындан кийинки бешинчи үйдөн сурасаңар болот* («Ала-Тоо»).

**КИЙИНТ кийин I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЙИНҮҮ кийин I** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЙИР кир III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЙИТ** 1. Кийим-кечелей берилген белек. 2. Кудалар бири-бириникине биринчи ирет келгенде кийгизген же буюм түрүндө берген белектер. *Кийитим деп берди эле Сегиз илбирс, бир жолборс, Алты аюунун терисин* (Жантөшев). *Куда, кудагыйларга кымбат чапандан кийит камдатышты*

(Сыдыкбеков).

**КИЙЛИГИШ** 1. Өзүнө тиешеси болбогон ишке, кепке-сөзгө ж.б. киришип кетүү, аралашуу. *Айбала эч сөзгө кийлигишпей отурган* (Жантөшев). – *Эми менин ишиме кийлигишкенди койгула! – деди Асанкул жазганбай тике сүйлөп* (Убукеев). *Биздин ишке кийлигишпегениңиз жакшы!* (Байтемиров). 2. Жардамдашуу, каралашуу, боор тартуу. *Элине мүшкүл түшкөндө, Кийлигишип коргобойт* («Мендирман»). *Кишинин жолун тосуучу, Кийлигишер кол барбы?* («Эр Табылды»). *Киши тургай, айбан да, Кийлигишет балага* (Үмөталиев).

**КИЙЛИГИШТИР** **кийлигиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЙЛИГИШҮҮ** **кийлигиш** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЙЛИК** **кийлигиш** менен бирдей. *Болбос ишке кийликпе, Момундун жөнү бир башка* (Токтогул).

**КИЙМЕЛЕ** Кепке-сөзгө алып жүдөтүү, жемелөө. – *Сиздин деле элиңиз, журтуңуз жок эмес, кудайга шүгүр, абийир-ажардан да куру эмессиз! – деп, шалдыр тиш бир далайга чейин киймелеп барып токтоду.*

**КИЙҮҮ** **кий II** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЛ** *сүйл.* Кило, килограмм. *Бир кил кант.*

**КИЛБОТО** Отко чыдамдуу чопо, отко туруктуу чопо. *Анжыянды чалдырган, Килботодон алдырган* («Манас»).

**КИЛЕГЕЙ** *сүйл.* Килейген, чоң. *Килегей киши.*

**КИЛЕЙ** Чоң, зор көрүнүү, көлөмү чоң болуу. *Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди* (Байтемиров). *Килейген узун саптуу жыгач кашык* (Байтемиров.)

**КИЛЕКТЕ** Килеңдөө, килең-килең, этүү, жоон, чоң болуп көрүнүү.

**КИЛЕМ** Түр салып коордоп токулган, бир жак бети түктүү, үйдүн тушуна тартуу, полго төшөө же бир нерселердин үстүнө жабуу үчүн колдонулуучу буюм. *Калы килем. Килем токуу цехи. Килем төшөө.*

**КИЛЕМ КӨЧӨТТӨРҮ** Килем бетине түшүрүлүүчү коздук.

**КИЛЕМ ТОКМОК** Жумуру темирден же жыгачтан жумуру сабы бар, аркагай тиштүү, төрт бурчтуу курал.

**КИЛЕМЧИ** 1. Килем токуучу уз. 2. Килем саткан соодагер. *Килемчи акенин эрке кызына эми тил кайтарып көрүңүз* (Абакиров).

**КИЛЕҢ**: **килең-килең этүү** Килеңдөө, килейген чоң, жоон болуп көрүнүү.

**КИЛЕҢДЕ** Килең-килең этүү, килтеңдөө, жоон, килейген көрүнүштө болуу. *Кирпичечен, кашкулак, келе жатат килеңдеп* («Манас»). *Күнөкөр киши тапкансып, Сен күлтүңдөйсүң килеңдеп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КИЛЕҢДЕТ** **килеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЛЕҢДӨӨ** **килеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЛИТ** 1. *диал.* Ачкыч. *Бубуш там түбүндөгү ташты оодарып, килитти тапты да, эшикти ачты* («Ала-Тоо»). *Алтымыш килиттүү ак сандык, Ачкычын салып ачты эле* (Урмамбетов). 2. Куржундун оозун бири-бирине илиштирип бекитүү үчүн жасалган бүчүлөрү. *Түнкатар куржундун килитин чыгара берди* (Жантөшев). *Сыяда куржундун килитин чечип жатыптыр* (Бейшеналиев).

**КИЛИТТЕ** Куржундун килитин бири-бирине илиштирип бекитүү. *Куржунду килиттей салды.*

**КИЛИТТЕТ** **килитте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЛИТТӨӨ** **килитте** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЛК**: **килк-килк этүү** Килкилдеген кыймылда болуу, былк-былк этип туруу (айран, кисель ж.б. сыяктуу коюу нерсеге же семиз, майлуу этке карата айтылат).

**КИЛКИЛДЕ** Килк-килк этүү, былк-былк этип туруу. *Килкилдеген май. Килкилдеген айран. Килкилдеген жаш козунун эти.*

**КИЛКИЛДЕК** Килк-килк этип турган, килкилдеген, коюу. *Килкилдек айран.*

**КИЛКИЛДЕТ** **килкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЛКИЛДӨӨ** **килкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЛО I** *сүйл.* **килограмм** менен бирдей. *Он кило эт. Беш кило май.*

**КИЛО II** Киловатт, килограмм, километр сыяктуу татаал сөздөрдүн «миң», «миң эсе» деген маанидеги биринчи бөлүгү.

**КИЛОВАТТ** Кубаты 100 ваттка барабар келген электр тогунун бирдиги.

**КИЛОВАТТ-СААТ** Электр тогунун ишин өлчөөчү бирдик (бул 1 саатта 1 киловатт энергия иштеп чыгуу аракети боюнча алынган).

**КИЛОГРАММ** 1000 граммга барабар болгон оордук өлчөмү.

**КИЛОМЕТР** 1000 метрге барабар келген узундук чени.

**КИЛОМЕТРАЖ** Километр боюнча өлчөнгөн узундук.

**КИЛТЕҢДЕ** **килтиңде** менен бирдей.

**КИЛТИЛДЕ** **килкилде** менен бирдей.

**КИЛТИЛДЕК** **килкилдек** менен бирдей.

**КИЛТИҢДЕ** Чоң жана семиз болуу, күлтүңдөө, килеңдөө, килең-килең этүү.

**КИЛТИҢДЕТ** **килтиңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЛТИҢДӨӨ** **килтиңде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИМ** Адамдарга карата айтылуучу сурама ат атооч. *Кайран күндөр бекер кеткен экен деп, Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?*

(Осмонов). *Ким болсо да бир тууган сага* (Сыдыкбеков). *Ким көргөн мындай жыргалды* (Убукеев).

**КИМ БАР, КИМ ЖОК** Кийинкисин дагы көрө жатарбыз деген сыяктуу мааниде. *– А-а дейре ким бар, ким жок* (Ашымбаев).

**КИМ КӨРДҮ КЫЛУУ** Тымызын жок кылуу, түбүнө жетүү, өлтүрүп коюу. *Ушул томаяктын кызын ким көрдү кылып, жар уратып салса не болот?* (Сыдыкбеков). *Бөлөбаланын думанасын ким көрдү кылып койбой жаныңар жокпу?* (Өгөбаев).

**КИМДИН ООЗУНАН ТАБАСЫҢ** Азыраак нерсени бөлгөн менен жетпейт, эч кимди алымсындырбайт деген мааниде. *– Ай, Кален, – деди Дос бир кезде, алты кап аштыгымды көпкө бөлгөндө кимдин оозунан табасың* (Укаев).

**КИМДИР** Ким деген сөздөн жасалган белгисиз ат атооч. *Кимдир бирөөлөргө айтылган кеп.*

**КИНАЯ** Кайманалап айтуу, жандатып сүйлөө. *Ал эмне деп жооп берерин билбей... ойлонгонсуп калды. Мындай оор учурда жигити кинаялап далай сырды билдирчү. Эми да ошентип жаткандыр деп ойлоду* (Баялинов).

**КИНДИГИ ТУТАШ** Өтө жакын, ажырагыс, бири-бири менен ынак. *Өзгөчө курбу-курдаштары менен энеден киндиги туташ төрөлгөнсүп кээ бирин күн сайын, а кээ бирин саат сайын көрүп баарлашпаса, кусаланып, жок издешип калар эле* (Исмаилов). *Же Кыдырбек менен киндигиң туташ болуп калдың беле?* (Абдукаимов).

**КИНДИК** 1. Адамдын жана жаныбарлардын жатынындагы бала түйүлдүгү менен эненин денесин бириктирип туруучу, аны азыктандыруу үчүн кызмат кылуучу курсактын орто бөлүгүндөгү түтүкчө, туулгандан кийин ошол ичегинин – түтүкчөнүн курсактын орто бөлүгүндө сакталган калдыгы, орду. *Тиги аял баланын киндигин кесип, орой койду да, Түлөбердинин этегине салды.* (Жантөшев). *Кадыр Гавриловду киндикке тепти* (Сасыкбаев). *Бирөө киндик кесе турган устара издеди* (Убукеев). 2. *өт.* Негизи, түбү, борбору деген мааниде. *Түп киндигиң Маскөөдө, Түркүгүң турат Ташкенде* (Тоголок Молдо). *Киндиги бир, карттык менен өлүмдүн, Сен аларга Геркулестей көрүнгүн* (Токомбаев).

**КИНДИК АТА** Бала төрөлгөндө анын киндигин кескен аялдын эри (ошол балага карата). *Киндик атасы да өзүм* («Жаш ленинчи»).

**КИНДИК КАНЫ ТАМГАН ЖЕР** Төрөлгөн, туулуп өскөн жер, ата мекени, ата-журту, ата конушу. *Кимдердин түшкөн оюна, Киндик каны тамган жер* (Казыбек). *Киндик каным тамган жер, Кеңеши бирге тууган эл* (Нуркамал). *«Мен өзүмдүн киндик каным тамган кыргыз жериндеги тап душмандарды түп-тамырына чейин талкалаймын, эч жакка барбаймын», – деп убада бергемин* (Тойбаев). *Үч-Турпандан күндөп-түндөп жүрүп отуруп, киндик каны тамган жергесине келди* (Саатов). **В.: Киндик кесип, кир жууган жер.** *Өзүнүн киндик кесип, жууган жерин эстейт* (Укаев). *Киндик кесип, кир жууган жер эстен кетпейт* («Ала-Тоо»).

**КИНДИК КЕСҮҮ** Жаңы төрөлгөн баланын киндигин кесүү. *Киндигин өзүң кес – деди* («Манас» С.О.).

**КИНДИК ЭНЕ** Баланын киндигин кескен аял. *Киндигин кесип ала көр, Билгизбей союп ала көр* («Манас»). *Айша мага киндик эне экен, ага жакынсып калып жүрдүм* («Ала-Тоо»).

**КИНДИКТЕШ** 1. Боордош, тууган. *Жери да киндиктеш, эли да киндиктеш* (Каимов). 2. *өт.* Негизи, түбү бир. *Фашизм менен согуш киндиктеш.*

**КИНЕ күнөө** менен бирдей.

**КИНЕМАТОГРАФ** 1. Экранда көрсөтүү үчүн тартылган объектилерди (кыймылды) жарык сезгич пленкага түшүрүүчү жана экрандагы кыймылды түшүрүп алуучу аппарат. 2. Киноискусство менен бирдей.

**КИНЕМАТОГРАФИСТ** Кинематографияда иштөөчү адам.

**КИНЕМАТОГРАФИЯ** 1. **киноискусство** менен бирдей. 2. Кинофильмдерди чыгарууну жана аны, элге көрсөтүүнү ишке ашыруучу маданияттын жана эл чарбасынын бир тармагы.

**КИНЕМАТОГРАФИЯЛЫК кинематограф, кинематоргафия** дегенге таандык. *Кинематографиялык лента. Кинематографиялык өнөр жай.*

**КИНЕСКОП** Телекөрсөтүүдө колдонулуучу электрон нурун кабыл алуучу трубка.

**КИНЕТИКА** Статика менен динамиканы ичине алган теориялык механиканын бир тармагы.

**КИНЕТИКАЛЫК кинетика** дегенге таандык. *Кинетикалык теория.*

**КИНО** Жалпы эле кинематографияга байланыштуу болгон киноискусство, кино-драматург, кинокомедия, кинотехника, киноэкран сыяктуу сөздөрдүн биринчи бөлүгү.

**КИНОАКТЕР** Кинофильмдерде ойноочу актер.

**КИНОАППАРАТУРА** Кинематографияда колдонулуучу ар кандай аппараттардын (фильмдерди тартып алуучу, экранда көрсөтүүчү, үн жазып алуучу), машиналардын, станоктордун жалпы наамы.

**КИНОАРТИСТ киноактер** менен бирдей.

**КИНОАФИША** Ар кандай кинофильмдин же кинотеартлардын программасы жөнүндө берүүчү маалыматтын жарнамасы, афишасы.

**КИНОДЕБЮТ** Киноактерлук сапатта (ки-

ноактриса, киноактер) биринчи жолу аткаруусу.

**КИНОДРАМАТУРГИЯ** 1. Киносценарийлердин жыйындысы. 2. Киносценарийлерди түзүүнүн теориясы.

**КИНОДУБЛЕР** Кино тартылып жаткандагы кээ бир кадрларда (көбүнчө кооптуу трюктарды тартып жатканда) кинактердун дублеру, бир ишти аткарууга кошо даярдалган адам.

**КИНОЖУРНАЛ** Күндөлүк турмуштун ар кандай көрүнүштөрүнөн эпизоддорунан алынып тартылган кыска метраждуу кинофильм.

**КИНОИСКУССТВО** Кинематографтын жардамы менен турмушту экранга чагылдыруу жана көрсөтүү искусствосу.

**КИНОКАМЕРА** Кинофильмдерди тартууга ылайыкталган жеңил аппарат.

**КИНОКАРТИНА** 1. **кинофильм** менен бирдей. 2. Кинофильмдин атайын көчүрмөсү.

**КИНОЛЕНТА** Кинофильм жазылган экинчи нускадагы тасма.

**КИНОЛОГИЯ** Иттерди изилдөөчү илим.

**КИНОМЕХАНИК** Кинофильмдерди көрсөтүү иштерин жүргүзүүчү адис.

**КИНООПЕРАТОР** Кинофильмдерди тартуучу адис.

**КИНОПЛЕНКА** Тартылып жаткан фильмдерди түшүрүү үчүн колдонулуучу жарык сезгич пленка.

**КИНОПРОКАТ** Кинофильмдерди калкка көрсөтүү үчүн экранга чыгаруу, кинотеатрларга, клубдарга убактылуу берип туруу иштерин жүргүзүүчү мекеме.

**КИНОРЕЖИССЕР** Фильмди коюучу, кинокартинанын режиссеру.

**КИНОСЕАНС** Кинофильмдерди көрсөтүүгө бөлүнгөн убакыт, кинофильмдердин белгилүү программасы.

**КИНОСТУДИЯ** Кинофильмдерди түзүүнүн бардык иш процесстерин жүргүзүүчү (сценарийден баштап, фильмдин толгон көчүрмөлөрүнө чейин даярдап чыгаруучу) мекеме, жай.

**КИНОСЦЕНАРИЙ** Кинофильмди түзүүгө негизделип жазылган атайын текст.

**КИНОТЕАТР** Кинофильмдерди көрсөтүүгө ылайыктап салынган жай. *«Ала-Тоо» кинотеатры. «Ысык-Көл» кинотеатры.*

**КИНОФЕСТИВАЛЬ** Белгилүү бир өлкөнүн, элдин тандалган, мыкты деп эсептелген кинофильмдерин же белгилүү бир тематика боюнча жалпылыгы бар картиналарды көрсөтүү иши. *Эл аралык кинофес- тиваль.*

**КИНОФИЛЬМ** Экранга чыгарып, элге көрсөтүүгө арналган кинематографиялык чыгарма, кинокартина.

**КИНОФИРМА** Кинофильмдерди иштеп чыгаруучу ишкана, кинокомпания.

**КИНОФОНД** Кандайдыр бир убакытта жана бир жерде сакталган кинофильмдердин жыйыны.

**КИНОФОРУМ** Ар кандай өлкөлөрдүн, көптөгөн студиялардын фильмдеринин кинофестивалы. Мезгил-мезгили менен искусствонун жетишкендиктерине арналган майрам.

**КИНОХИТ** Көрүүчүлөр арасында популярдуу же биринчи орунду алган фильм.

**КИНОХРОНИКА** Коомдук турмуштун күндөлүк жаңылыктары, окуялары жөнүндө тартылган кинокартина же киножурнал.

**КИҢИЛДЕ** **киңкилде** менен бирдей.

**КИҢКИЛДЕ** Сөзү ачык чыкпай, мурду менен киңкилдеп сүйлөө. *Жигиттер мени сүйрөп бараткanda «Калган жазасын мыйзам берет» – деген Рыскулбектин киңкилдеген үнү чыкты* (Токомбаев).

**КИҢКИЛДЕК** Айткан сөзү так, ачык чыкпай, киңкилдеп мурдунан сүйлөгөн, киңилдеген.

**КИҢКИЛДЕТ** **киңкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИҢКИЛДӨӨ** **киңкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИОСК** Майда соода-сатык жүргүзүүгө ылайыкталып жасалган дүкөнчө.

**КИП** Сын атоочтун кипкичине, кипкичинекей сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**КИПАРИС** Түштүк жактарда өсүүчү дайыма көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу дарак.

**КИПТИ** 1. Ийин, далы. 2. *өт.* Муун-жүүн. *Кирпиктериң төгүлүп, Киптилериң сөгүлүп, Өңүң башка көрүнүп (өлгөндө)* (Эл ырлары).

**КИР I** *туурасы:* **гиря.**

**КИР II** 1. Таза эмес кирдеген көрүнүш, булганычтык. *Аппак жака кир болор* (Сыдыкбеков). *Аптада жууп ак кылып, Кир кийимди кийгизбейт* (Тоголок Молдо). 2. Жуула турган жана жуулуп тазартылган, ар кандай кийим-кече, шейшеп, бет аарчы, суулук ж.б. жалпы наамы. *Тээтигинде кир жайып, Карап турат бураң бел* (Турусбеков). *Кере тартылган жипте кир жайылып турат* («Жаш ленинчи»). 3. *өт.* Жаманатты, күнөө, айып. *Байкабасаң баары бир, Таза башың болот кир* (Токомбаев). *Бизди кир кыла турган жаман иштердин бири ушул эмеспи* («Ала-Тоо»). 4. *өт.* Капа, таарыныч, ич күптү. *Көңүлүнө кир кетип жүрбөсүн* (Жантөшев). *Ичинде турган кирлерин Ойлонуп чунак жойгон жок* («Семетей»). 5. *өт.* Кек, жамандык, жаман ниеттүүлүк. *Көз карашын байкасам, Көңүлүндө кири бар* («Мендирман»). *Ичине кир сактаган, Эл ичинде көп болду* (Тоголок Молдо).

**КИР III** 1. Бир нерсенин ичин көздөй өтүү, ичине карай баруу, багыт алуу, ичинде болуу. *Тоту жеңем экөөбүз үйгө кирдик* (Жантөшев). *Коркуп качса кыргыйдан Короолу кирет бүргөнгө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Шахтага кирер менен, аркырап бетке урган муздак жел да тымый түштү* (Сасыкбаев). *Башын көтөрө албай,*

*уялганынан бала төшөгүнө кире калды* («Ала-Тоо»). 2. Белгилүү бир жайга келип жетүү, келүү. *Биз Токмокко эрте кирдик, дүкөндөр соода менен кызып жаткан кези экен* (Токомбаев). 3. Берилген, кызыккан абалда болуу. *Кептин кызыгына кирип алган үч абышка дөңдө көпкө отурмак болушту* («Ала-Тоо»). *Кынуусуна кирген соң, Күндө тозок салбайбы* («Манас»). 4. Жуулганда, суу болгондо тыгыздалып, кичирейип калуу, кыскаруу (мис. кездеме, кийим-кече ж.б.). 5. Чыгуу, келүү. *Жыйырмага жаңы кирген жаш жигит.* 6. Белгилүү бир уюмдун мүчөлүгүнө өтүү көпчүлүк тарабынан шайланган топтун составында болуу, окуу жайына ж.б. кабыл алынуу, өтүү. *Артелге кир! Силердики бардык мал* (Токомбаев). *Жаштар уюмуна кирди. Институтка кирди. Интернатка кирди.* 7. Басуу, каптоо. *Дүркүрөгөн ызычуу, кирип келди айылга* (Жантөшев). 8. Кандайдыр бир нерсени аткарууга, иштөөгө киришүү, аткара баштоо. *Жумушка кирди. Жоого кирди. Сугатка кирди. Тамакка кирди. Бир топ абышка тогуз коргоолго киришти* (Убукеев). 9. Толуу, жетилүү, пайда болуу. *Алма даамына кирди. Адам күчүнө кирди. Карууга кирди.* 10. Көпчүлүктүн же бир нече адамдын бириккен тобуна, жыйынына ж.б. катышуу, ичинде болуу. *Жорого кирди. Шеринеге кирди. Айыл-апанын ынтымагына кирди. Компанияга кирди.* 11. Бирөөнүн кебине, таасирине берилип, кошулуп кетүү, кандайдыр бир нерсеге алынуу, артынан түшүү. *Душмандын кирип сөзүнө, Туз куюлду көзүмө* (Барпы). *Тунук өстүң, жаман жолго кирбедиң* (Токомбаев). *Аракка кирген адамдын үй-бүлөсүндө ырыскы болобу* («Чалкан»). *Ак сакал болуп балдарга, Арамдык жолго кирбей жүр* (Жантөшев). 12. Куут мезгилинде каарына келген, жинденген абалда болуу (буура, бука ж.б. карата). *Жаңы кирген кара атан, Тайлакты чайнап койбосун* (Бөкөнбаев). *Бактеректин тиштери кирген бууранын тишиндей кычырады* (Токомбаев). *– Ооба, мен! – деди Шабыралы кирген текедей бакылдап* (Байтемиров). 13. Көбөйүү, ташкындоо, күкүктөнүү (сууга карата). *Сайдагы чоң суу дагы жылдагыдан эрте кирди* (Айтматов). *Мөңгү жибип, суулар кирди күркүрөп* (Осмонкул). 14. Түшүү, башталуу, пайда болуу. *Кеч кирди. Иңир кирди. Күүгүм кирди. Чачына ак кирди. Жан кирди. Кубат кирди.* 15. Негизги этиш менен бирге айтылып, кандайдыр бир аракеттин, кыймылдын, окуянын ж.б. интенсивдүү башталышын же анын өөрчүгөн, күч алган абалын көрсөткөн көмөкчү этиш катары колдонулат. *Калың жоону аралап, Качырып кирди Табылды* («Эр Табылды»). *Эчтемеге карабай, уулун жемелеп киргенине таң калдым* («Ала-Тоо»). *Бүкөнтай көздү жуумп ырдап кирет* (Осмонов). 16. Түш көрүү, түшкө кирүү. *Эстесең керек... менде чоң бүгүн жаңылык, Түшүмө кирип, «Жүрөмүн» дедиң сагынып* (Өмүров).

**КИР IV: кир-кир этүү** Кирилдөө, кир-кирөө.

**КИР ЖУГУЗБОО** *к.* **кирпигине кир жугузбоо.**

**КИР САМЫН** Кир жууй турган кара самын.

**КИРБИЙ** Кичине, начар, алсыз көрүнүү. *Кирбийген козу. Кирбийген кичинекей бала.*

**КИРБИЙТ кирбий** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРБИЙҮҮ кирбий** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРБИК** Абдан кичине, кирбийген арык, начар, алсыз. *Кирбик музоо. Кирбик козу.*

**КИРБИНДЕ** Кибир-кибир этип араң жай кыймылдоо, кибирөө. *Чүрпөдөй кирбиңдеген майда балдар* (Токомбаев).

**КИРБИНДЕТ кирбинде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРГЕН БУУРАДАЙ** Күрсүлдөгөн, айбаттанып, албууттанган, бардыгына зиркилдеген адам деген мааниде. *Кышкы кирген буурадай тишин кычыратты* (Убукеев).

**КИРГИЗ кир III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРГИЛ** Таза эмес, ачык эмес, күңүрт, кири бар. *Өңү аппак, киргили жок таза кездеме менен ороду* («Ала-Тоо»). *Тар элең, таштак элең, такыр элең, Киргил суу шылдыраган арык менен* (Осмонов). *Көк асмандай киргили жок, Ысык-Көл көз алдыма келе берди* («Ала-Тоо»).

**КИРГИЛДЕН** Киргил болуу, күңүрттөнүү, тунук, таза болбоо. *Суунун өңү киргилденип, арык толо күргүштөп агып жатты* (Ала-Тоо»).

**КИРГИЛДЕНТ киргилден** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРГИЛДЕНҮҮ киргилден** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРГИЛТ киргил** менен бирдей. *Алымкул киргилт боз жегдесинин этеги менен бетинин терин аарчыды* (Абдукаримов).

**КИРГИЛТТЕН киргилден** менен бирдей.

**КИРДЕ** 1. Кир жуккан, булганган абалда болуу, кир болуу, булгануу. *Сыя тамган жер ак шейшепке ылай тийгендей кирдеп калды* (Сыдыкбеков). *Бүткөн боюң тердебейт, Жууган жакаң кирдебейт* (Үмөталиев). 2. *өт.* Жаманатты болуу, кепке сөзгө калып, баркы кетүү. *Азыр эски актив сөрөйлөр кирдеп, элге жаман көрүнө баштаган сыяктуу* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Көңүлү калуу, капа болуу, таарынуу. *Кетериңде дүнүйө, Кайгылуу көңүл кирдейсиң* (Токтогул). *Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт, Сен кимсиң? Билбей кайтсам көңүлүм кирдейт* (Осмонов).

**КИРДЕТ кирде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРДИ-ЧЫКТЫ** Анчалык ашып кетпеген, орточо, анча-мынча. *Кирди-чыкты эси бар, Кичи пейил уул экен* («Эр Табылды»).

**КИРДИ-ЧЫКТЫ АКЫЛЫ БАР** *к.* **кирди-чыкты эси бар.**

**КИРДИ-ЧЫКТЫ ЭСИ БАР** 1. Өтө акылдуу болбосо да, анча-мынча эси бар, кээде бир нерселерге түшүнө коймосу бар. *Кирди-чыкты эси бар, Кичи пейил уул экен* («Эр Табылды»). 2. Бирде түшүнсө, бирде түшүнбөгөн, элдир-селдир эсине келе калган (көбүнчө оорукчан адамга карата). *Жалгыз баласынын жоодо калганын угуп, шордуу эне эсинен танып жыгылды, ошондон бери кирди-чыкты эси бар* (Укаев). **В.: Кирди-чыкты акылы бар.** *Койчубектин кирди-чыкты акылы бар, мага окшогон бир байкуш* (Байтемиров).

**КИРДӨӨ кирде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРДҮҮ** Таза эмес, кири бар, булганч. *Аптада жууп ак кылат, Кирдүү кийим кийгизбей* (Тоголок Молдо).

**КИРДҮҮ КОЛ МЕНЕН КАРМАГЫС** Өтө назик, татынакай, абдан ардактаган. *Кирдүү кол менен кармагыс кызыбыз, аларга кор болууга тийиш эмес* (Осмоналиев).

**КИРЕ** 1. Акыга жүк ташуучу жалданма араба. *Кире тартып жолго чыгууга даярданды* (Токомбаев). *Каныбек кире акысын төлөөнү ойлоду* (Жантөшев). 2. Жол жүрүүгө сарпталуучу чыгым, каражат. *Курортко путевка, жол киресин алып беришти* (Бейшеналиев).

**КИРЕЙИН ДЕСЕ – ЖЕР КАТУУ, ӨЛӨЙҮН ДЕСЕ – ЖАН ТАТТУУ** Турмуштун өтө татаал абалына учурап, жашоодон аша кечкен көрүнүшкө карата колдонулат. *Кирейин десе – жер катуу, өлөйүн десе – жан таттуу көрүнүп, мөгдөгөн ал чоң ташка сүйөнүп отурду* (Осмоналиев). **В.: Кирейин десе – жер катуу.** *Тракторчунун ошондогу уялганын айтпа, кирейин десе жер катуу* («Адабий Ала-Тоо»).

**КИРЕКЕЧ** Кире тарткан арабакеч, акыга жүк ташуучу. *Азыр ким эле кирекечке муктаж болуп турат дейсиң?* (Абдукаримов). *Кирекечтер келип ат чалдырып өткөнү болбосо, мында эч ким келүүчү да эмес* (Убукеев).

**КИРЕНДИ** Жакырчылыктан, жокчулуктан байдын, башка бир ооокаттуу адамдын үйүнө кирип, жумушун иштеген, кулданган кембагал. *Киренди кирип бир айга, Бир эчки алып алты айга* (Барпы). *Мага десең Калбубүңө киренди кирип алгын* (Бердикеев).

**КИРЕПТЕР кириптер** менен бирдей. *Ушундай азапка кирептер болбодукпу* («Чалкан»).

**КИРЕРГЕ ЖАЙ ТАППОО** *к.* **кирерге жер таппоо.**

**КИРЕРГЕ ЖЕР ТАППОО** Бир нерседен катуу корккондуктан же аябай уялгандыктан эмне кыларын билбей калуу, айласы кетүү. *Башкы врачтын көзүн көргөндө бөйпөңдөп, кирерге жер таппай калат* (Бердикеев). *Корккондунан үрөйү учуп, кирерге жер таппайт* (Тойбаев). *Ал ошондо гана кыздын эмне максат менен келгендигине түшүнүп, кирерге жер таппай, бети чымырады* (Саатов). **В.: Кирерге жай таппоо.** *Кокустан күн бүркөлүп, сыдырым шамалы ызгаар аралаш сокчу болсо, кирерге жай таппай, корголойсуң!* (Абдукаимов). **Кирерге ийин таппай калуу.** *Кулубек байкем акырая бир караса, кирерге ийин таппай калар* (Айтматов). **Кирерге көр таппоо.** *Душман кирерге көр таппай калды (*«Ала-Тоо»). **Кирерге көр, жашынарга жер таппоо.** *Душман кирерге көр, жашынарга жер таппай, жаагы жап болду* («Ала-Тоо»).

**КИРЕСИН ЧЫГАРУУ** 1. Эсесин чыгаруу, акыбетин кайтаруу, мээнетинин акысын алуу, түйшүктүн жыргалын көрүү. *Сен киресин чыгарганча мен эмне кылышым керек?* (Саатов). *Ошондо тамчы суунун киресин чыгарды* (Жусупов). *Мен үчүн далай жылы таттуу уйкуңду бузуп, эми ошонун киресин чыгарып, укта дегин, – деди Жылдызкан* (Байтемиров). 2. Көргүлүктү көрсөтүү, азабын тарттыруу. *Мына кызык, жети түндө кыз бала эркек менен ээн талаада жүрүппү? Шашпа, киресин чыгарам* (Саатов). **В.: Кысасын чыгаруу.** *Баягылардын кысасын чыгарды.*

**КИРЕЧИ кирекеч** менен бирдей.

**КИРЕШЕ** Өндүрүлгөн, бир нерседен түшкөн пайда, кириш болгон мүлк, каражат. *Кирешенин көбүн кой өстүрүүдөн, айрыкча, жүндөн алышат* («Эмгек туусу»).

**КИРЕШЕЛЕ** Киреше кылуу, пайда кошуу, киреше катарында жазып, каттап коюу.

**КИРЕШЕЛЕТ кирешеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРЕШЕЛӨӨ кирешеле** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРЕШЕЛҮҮ** Кирешеси көп, өндүрүлгөн пайдасы, кирешеси арбын. *Кирешелүү чарба.*

**КИРИЛДЕ** Дем алганда, сүйлөгөндө көкүрөгү кир-кир этип туруу, үнү ачык чыкпай киркирөө. *Ал ыктыткансып шилисин тартканда, кирилдеп күңүрт дабыш угулду* (Токомбаев). *Көкүрөгү кирилдеп, Сакалы кетти дирилдеп* («Эр Төштүк»).

**КИРИЛДЕК** Киркиреп турган, кир-кир эткен, кирилдеген. *Кирилдек үн.*

**КИРИЛДЕТ кирилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРИЛДӨӨ кирилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРИЛЛИЦА** Орус жана башка славян алфавиттерине негиз болгон эски славян

тилинин алиппеси.

**КИРИН** Суюга түшүп жуунуу. *Суюга кирингениме көп болгон эле, бүгүн да жуунуп ала турган шартым болбой калды* («Ала-Тоо»). *Балдар кирине турган жайык жерлери жок беле?* («Агым»).

**КИРИНДИ** Башка жактан, башка жерден келип, экинчи бир урууга же бирөөнүн үй-бүлөсүнө кошулган адам.

**КИРИНДИР киринт** менен бирдей.

**КИРИНЕ** *диал.* Ич түйүлүп, толгоп, көөп ооруган оору. *Кирине болсо, ойноп-күлгөн каякта.*

**КИРИНТ кирин** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРИНҮҮ кирин** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРИП ЧЫККАНЧА** Өтө тез, арыдан бери, заматта, дароо. *Өз жаманы өлгөнчө билинбейт, киши жаманы кирип чыкканча* (макал).

**КИРИПТЕР** Ыңгайсыз, оор абалга дуушар болуучулук. *Мен эмне деген балакетке кириптер болдум эле* («Ала-Тоо»).

**КИРИЧ** 1. Жаанын эки башын бириктирип, туурасынан байланган, жебе салып кере тартыла турган жип, кайыш. *Киричке жебе чалыптыр* («Манас»). *Киричтен огу чыкканча, Эр Манас найза салыптыр* («Манас»). 2. Жалпы эле жаа (курал) маанисинде колдонулат. *Киричтен кийик аткан. Киричке огун салганы* («Манас» С.О.). *Саадактарынан жебелерди шапа-шупа алышып, киричтерине шапа-шупа салышып, кериле чое тартышып, кайра зыркырата коё беришкен жок* (Субанбеков). 3. Ич эттеринин айрым бөлүктөрүн бириктирүүчү чарым сыяктуу нерсе. *Өт жарылып кетпесин, киричин чыгарып жибер. Көк боордун киричин чыгарып кой.*

**КИРИЧМЕ** *диал.* Бозого кант кошулуп, күчтүүлөп ачытылган ичимдик же кызылча максымдын ушундайча ачытылган түрү.

**КИРИШ I: кириш сөз** Илимий эмгектин же чыгарманын кириш бөлүгү, сөз башы.

**КИРИШ II дебет** менен бирдей.

**КИРИШ III** 1. Бир ишти иштөөгө баш коюу, иштей баштоо, аракет жасоо. *Мичуриндин сортторун тигип, мектептин мөмөлүү бак-дарагын гүлдөтүүгө кириштик* (Сасыкбаев). *Дүкөнчү соода жүргүзүүгө киришти* (Убукеев). *Жылдызкан үйдү саап коюп, тамак жасоого киришти* (Байтемиров). 2. Кийлигишүү, кошула кетүү. *Бирок бул окуяга эч ким киришпейт* (Байтемиров). *Бул ишке сиздин киришкениңиз эң туура* (Жантөшев). *Өз күчүнө ишенбеген адам эч ишке чечкиндүү кирише албай, турмуштук агымдан четтеп калат* («Агым»).

**КИРИШМЕ** 1. Кандайдыр бир илимий иштин же адабий чыгарманын сөз башы кириш бөлүмү, бет ачар бөлүгү. 2. Белгилүү бир илим тууралуу жалпылап, кыскача өтүлгөн алгачкы маалымат.

**КИРИШҮҮ кириш** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРКИРЕ** Дем алганда, сүйлөгөндө көкүрөгү кир-кир этүү, кирилдөө. *Чал кубанып, киркиреген үнү менен бирдемелерди айткан болот* (Байтемиров).

**КИРКИРЕК** Киркиреген, кир-кир эткен. *Барган келинибиз баш аттап, кайра качып кетиптир! – деди киркирек үндүү адам* («Ала-Тоо»). *Ошондо да колхоздун башкармасы ушул азыркы киркирек Садык болучу* (Байтемиров).

**КИРКИРЕТ киркире** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРКИРӨӨ киркире** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРМЕ КУЛ** *тар.* Феодалдын карамагына өтүп иштеп, эптеп күн көрүүгө аргасыз болгон жакыр, алсыз адам.

**КИРПИ (кирпи чечен)** Капталдары, жону тикендүү кичине жаныбар. *Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт* (макал).

**КИРПИГИ ЖАБЫШУУ** Карайлоо, уйкусу келүү. *Миргүл көзү сүзүлүп, кирпиги жабышып араң отурду.*

**КИРПИГИ КАТУУ** Уктай албай убара болуу, уйкусу ачылып кетүү, убаралануу. *Нечен күндөр уктабай, Кирпиги жаман катыптыр* (фольк.). *– Бектин кирпиги катып калган. Санаа кесел – бектин кесели, – деди аппак тиштерин кашкайтып* (Касымбеков).

**КИРПИГИ ТӨМӨН ТҮШҮҮ** Уялуу, тике карай албай жүзүн ала качуу. *Сатыш бетме-бет келгенде Асыранкулдун жүзүнө карай албай, кирпиги төмөн түшөт* (Сыдыгалиев).

**КИРПИГИМ-КАШЫМ ДЕБӨӨ** *к.* **кабагым-кашым дебөө.**

**КИРПИГИНЕ КИР ЖУГУЗБОО** 1. Бапестеп багуу, таза кармоо, күтүү. *Өзүм төрөгөн баламдан артык көрүп, кирпигине кир жугузбай алпештедим* («Кыргызстан маданияты»). *Баламды өзүм алам. Кирпигине кир жугузбай өзүм багам* (Тойбаев). *Кирпигине кир жугузбай бапестеп багат* (Ш.Үмөталиев). 2. Ашыра мактоо, көтөрө чалуу. *Анысына карабай Досалиев өзүнүн эсеп-кысап кызматкерлерин жандай сүйөт, алардын кирпигине кир жугузбайт* («Чалкан»). *Бир ай бою кирпигине кир жугузбады* («Чалкан»). **В.: Кир жугузбоо.** *Домбунун өлүмүн табалап, бүткүл жамандыкты, жабырды ошого шылтап, караламанды сооротуп, хан атын, хан даражасын кир жугузбай коргоп отурбады беле* (Касымбеков).

**КИРПИГИНЕ МУЗ ТОҢУУ** Ачуусу келүү, каардануу. *Кабагына кар жаап, кирпигине муз тоңуп отуруптур* (Ш.Үмөталиев).

**КИРПИГИНЕН ТАРТСА ЖЫГЫЛЧУДАЙ** Абдан алсыз, начар, араң эле жаны бар, тырп этерге алы жок. – *Дени сак болбой куруп калсын, карабайсыңбы кебетесин, кирпигинен тартса жыгылчудай* (Акматов). – *Балам, кирпигиңден тартса жыгылып кетчүдөй экенсиң* (Осмоналиев).

**КИРПИК** Көз жапкагынын кырындагы (көздүн айланасындагы) майда кылдар. *Ай, сенин кирпигиңдин төгүлгөнү, Сүзүлөт бир өкүтүн билдиргендей* (Чотурова). *Шарип кош кирпигин бат-бат ирмеп, көздөрүн балбылдатты* (Бейшеналиев).

**КИРПИК ИРМЕБӨӨ** *к.* **кирпик какпоо.**

**КИРПИК ИРМЕГЕНЧЕ** Заматта, бир паста, көз ачып-жумганча. *Кирпик ирмегенче көздөн кайым болду.* **В.: Кирпик какканча.** *Кирпик какканча болбой чоочун машина дыр коюп жүрүп кеткенде далдайып ордунан жылбай далайга чейин турду* («Кыргызстан маданияты»). **Кирпик ирмемде.** *Кирпик ирмемде көз алдынан чубурган окуя Равилдин жүрөгүн канатты* (Өмүрбаев). *Апкаарыган Байымбет кирпик ирмемде кайра чыйралды* (Бейшеналиев).

**КИРПИК КАКПОО** Уктай албай коюу, уйку бетин көрбөө, уйкусу качуу, чырм этпөө. *Батийна узун түндө кирпик какпай саргайды* (Сыдыкбеков). *Кирпик какпай кичине, Токмоктун келдим шаарына* (Казыбек). *«Бечара бул да кирпик какпай күтүп жаткан экен го», – деп тиги аялды аяп кетти* («Кыргызстан маданияты). *Чалгынга барган берендер, Чаалыгып кирпик какпады* (Бөкөнбаев). *Кош кубаныч жүрөгүн түйлатып, Кычан түндүн далайына чейин кирпик какпады* (Бейшеналиев). **В.: Кирпик-көзүн какпоо.** *Таң атканча кирпик-көзүн каккан жок* (Жантөшев). *Экинчи күнү такыр кирпик-көзүн какпай чыкты* (Акматов). **Кирпик кага албоо.** *Көп күндөн бери аттан түшпөй, ат үстүндө талыкшып, ат үстүндө үргүлөп келгенине карабай, эч кирпик кага албады* (Касымбеков). **Кирпик ирмебөө.** *Постто кирпик ирмебей турдум* (Каралаев). *Үй-бүлө кирпик ирмебей маңдайыңда* (Осмоналиев).

**КИРПИК ҮЙРҮП, КАШ КАКПАЙ** Түз, таамай, эч тартынбай. *Кирпик үйрүп, каш какпай сүйлөгөн адам.*

**КИРПИКТЕН ТАРТСА ЖЫГЫЛГАНДАЙ** *к.* **кирпигинен тартса жыгылчудай.** *Кирпиктен тартса жыгылгандай болуп, менин каркайган сөөгүм топурак көтөрө албай калса да, силерден кайгым жок* («Чалкан»). *Мен бул катты эс алуу маалында, кирпиктен тартса жыгылчудай абалда экениме карабай жазып жатам* (Абакиров).

**КИРПИКТҮҮ** Кирпиги узун. *Тереңге тиктеген кирпиктүү өткүр көзүн жаш чайды* (Сыдыкбеков).

**КИРПИЧ** Туурасы куушураак келген төрт бурчтук формасындагы чоподон бышырылган же ылайдан куюлган курулуш материалы. *Кирпичиңди ким биринчи койду экен?* (Токомбаев). *Иштебесек, анда мына бу кирпичти ким куйду?* (Турусбеков).

**КИРСЕ ЧЫККЫС** Адам кызыккыдай жасалгалуу, таза, кооз (үй-жайга карата). *Эми, алардын жашоосун сураба, үйүнө кирсең чыккыс* («Чалкан»).

**КИРТЕЙ** **киртий** менен бирдей. *Көз киртейип, өң кеткен кайран эрден* (Үмөталиев).

**КИРТИЙ** Чарчагандыктан, кыйналгандыктан көз кош кабаттанып, ары киргенсип көрүнүү. *Коңшусунун сабыры суз, көзү киртийип калган экен* (Убукеев). *Көздөрү киртийип, эриндери кеберсип жыгылчудай араң эле турат* (Байтемиров).

**КИРТИЙҮҮ** **киртий** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРТИЛДЕ** Бир нерсени чайнаганда, тиштегенде кирт-кирт этүү.

**КИРТИЛДЕК** Киртилдеген, кирт-кирт эткен.

**КИРТИЛДЕТ** **киртилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИРТИЛДӨӨ** **киртилде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРҮҮ** **кир III** этишинин кыймыл атоочу.

**КИРЧИЛ** 1. Бат кирдей турган, бат булгануучу, бат кирдөөчү. *Киши аты терчил, киши кийми кирчил* (макал). 2. *өт.* Ызакор, таарынчаак, капачыл, бат таарынып калма адаты бар. *Жарым жандар, карылар өтө кирчил болот* (Касымбеков).

**КИРЧИМЕК** Челектен куюп алма шарап, вино. *Мейман-ысман келгенде колхоздорго чейин бочкадагы чон, идиштерге кирчимек алдырып кетишчү согуш жылдарында* (Мавлянов).

**КИРЭЭ** *туурасы:* **кире.**

**КИРЭЭНДИ** **киренди** менен бирдей.

**КИРЭЭРИ – ЭЛ, ЧЫГААРЫ ЖОО** Эпилдеп ак ниет, жакшы адам көрүнүп туруп эле, астыртан душмандык жасай берген. *Кирээри – эл, чыгаары – жоо куйткуларды куйкалап салар фелъетонду жаратам десең такай эл арала, бирок мен баланча болом деп төш какпа* («Чалкан»).

**КИСЕ** 1. Калың кайыштан коозданып жасалган, оттук таш, куу ж.б. салынуучу, курга боосунан бекитилип, же илинип коюучу тегерек кутуча түрүндөгү баштык. *Мойнуна кисе салынып* («Манас» С.К.). *Баңды асынып, чоң кисе менен шамшар бычакты курга илип, ууга камынат* (Сыдыкбеков). 2. Жалпы эле кайыш кур (кисе, кын ж.б. бөлүктөрү менен бирге) деген мааниде колдонулат. *Төрөсү Манастан калган боз кисе, Кынап белге чалды эми* («Семетей»).

**КИСЕЛЬ** Крахмал кошулуп, жемиш ши-

ресинен, сүттөн ж.б. кайнатылган коюураак, килкилдегирээк келген тамак.

**КИСЛОРОД** **кычкылтек** менен бирдей.

**КИСЛОТА** *хим.* Кычкыл даамдуу, составында водород бар, тузду түзүүдө металлдын ордун алмаштыруучу касиети бар химиялык бирикме. *Азот кислотасы. Туз кислотасы. Лимон- кислотасы.*

**КИСТА** *мед.* Дарттуу ткандарда жаралган ыйлаакча.

**КИСТИ** Бир нерсени боёо, майлоо үчүн кичинекей кыска жыгачтын учуна бекитилген топ кылы бар боёгуч, майлагыч курал.

**КИТ** Сырткы кебетеси балыкка окшогон, сүт эмүүчү, эң зор дениз жаныбары. *Гренландия кити. Кит кароочу, багуучу жай.*

**КИТАЙКА** 1. Алманын суукка чыдамдуу сорту. 2. Ушундай сорттогу алманын жемиши.

**КИТЕ** Бешмант, чыптама. *Алмамбет сага не кылды? Азган менен тозгонду, Алындырып эл кылды. Келинге ките кийгизди, Керегин журтка билгизди* («Манас»). *Үстүнө акылдуу, мээримдүү каныша чын жүрөгүнөн, ак дилинен жарылып, изги тилекте уздунузуна тиктирип, күн мурунтан беленде коп койгон саймалуу кош этек ак көйнөктү, кызыл кымкап китени, башына шөкүлөнү, бутуна өкчөлүү ак өкчөнү кийгизишти* (Субанбеков).

**КИТЕЛЬ** Жакасы тик келген формалуу бешмант. *Сабырга тик жака китель кынап койгондой жарашыктуу* (Сыдыкбеков). *Чоң көчөдөн чесучадан китель кийип, Кабаев басып келди* (Бейшеналиев).

**КИТЕП** Түрдүү мазмундагы тексттердин басмага басылган, мукабага салынып түптөлгөн барактарынын жыйындысы. *Адабий китептер. Китеп окуучулар. Окуу китеби.*

**КИТЕП КАП** *сүйл.* Китептерди салып, асынып жүрүүчү баштыкча.

**КИТЕПКАНА** Китеп, журнал, газеталарды жыйноочу, сактоочу, аларды окуган адамдарга берип туруу жана окутуу ишин жайылтуучу атайын мекеме. *Балдар китепканасы.*

**КИТЕПКАНАЧЫ** Китепканада иштеген, китепкананы тейлеген кызматкер.

**КИТЕПЧЕ** Кичинекей китеп, брошюра.

**КИТИРЕЙ** Чарчаганда, кыйналганда же ооруп, табы жок болуп турганда көзү киртийүү. *Бегаалы күнү-түнү кыйноо тарткансып өңүнөн азган, уйкудан көзү китирейген* («Ала-Тоо»). *Чүңүр көзү китирейип, Сапардын көргүсү келбей турганын Түгөл билбей коёбу* (Бейшеналиев).

**КИТИРЕЙТ** **китирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИТИРЕЙҮҮ** **китирей** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЧЕКЕЙ** *сүйл.* Кичинекей, кичине.

**КИЧИ I** Кичүү, кенже. *Эң кичи уулу он алтыга жаңы чыккан олбурлуу неме эле* (Жантөшев).

**КИЧИ II** Балдардан бир нерсе суроодо же балдар өзүлөрү сураганда колдонулуучу, «берчи», «бере койчу», «бере кой» деген маанидеги сөз.

**КИЧИ АРСТАН** *астр.* Түндүк жарым шардагы топ жылдыз.

**КИЧИ ДӨБӨТ** Курамына Процион жарык жылдызы кирген экватордук топ жылдыз.

**КИЧИ ЖЕТИГЕН** *астр. миф.* Зевстин ымыркай баласын баккан эки нимфанын бири Ида. Топ жылдыз мүнөздүү формага ээ болуп, эң жарык жылдыздары чөмүчкө окшош фигураны түзгөн уюлга жакынкы топ жылдыз.

**КИЧИ ПЕЙИЛ** Мүнөзү жөнөкөй, карапайым, сылык, элпек. *Он баланын ичинде атаэнеге, отун-сууга карамдуусу, колунан көөрү төгүлгөн устасы, кичи пейил, билимдүүсү – силердин күйөө балаңар эле* («Кыргызстан маданияты») *Ал жогорку билимдүү, өз ишин жакшы билет, кичи пейил* (Егиналиев). *Мынчалык эмне кичи пейил болуп кетти десе?!* («Кыргызстан маданияты»).

**КИЧИ ПЕЙИЛДИК** Карапайымдык, өтө жөнөкөйлүк, сылыктык. *Дайыма кичи пейилдик менен мамиле кылат* (Жантөшев).

**КИЧИГИРИМ** Анча-мынча, көп эмес, бир аз гана. *Баса, сиз белеңиз? Кичигирим чочусамчы! – деди Зуурақан Батийнаны көрүп* (Сыдыкбеков).

**КИЧИК** Кичүү, жашы, мансабы ж.б. белгилери боюнча кичүүлүк жайы бар, улук эмес. *Улук башымды кичик кылып, өзүм келип отурганымды эске аларсың, иним* («Чалкан»).

**КИЧИЛЕ** Бирөөдөн көз артып сурануу, тиленүү, «кичи» деп калуу. *Көрүнгөндөн кичилеп, Кишиге жек көрүнбө* (Осмонкул).

**КИЧИНЕ** 1. Көлөм, сан, салмак ж.б. жагы, көрүнүш, өлчөмү азыраак, кичирээк, чоң эмес, аз санда. *Кичине стол. Кичине китеп. Кичине айыл. Кичине эл. Бою кичине киши. Кичине куржун. Өлчөмү кичине баш кийим.* 2. Жашы, күч-кубаты, даражасы ж.б. жагынан кичүү, чабал, жогору эмес. *Кичинеге чоңсунба, алдуу-күчтүүмүн деп мактанба* («Агым»). *Эң кичинеси ушул Гүлнар* (Сыдыкбеков).

**КИЧИНЕКЕЙ** Өтө кичине, майда. *Кичинекей балдар. Кичинекей козу.*

**КИЧИНЕЛИК** Көлөмү, салмагы, саны, өлчөмү же жашы ж.б. жагынан кичине экендик, кичине деп айтарлык. *Үй кичинелик кылбайт. Кичинелик кылып, ишке жарай албай койбосо экен.*

**КИЧИНЕСИН** Кичине сыяктануу, өзүн кичинемин деп ойлоо, кичине саноо.

**КИЧИНЕСИНТ** **кичинесин** этишинин ар-

кылуу мамилеси.

**КИЧИНЕСИНҮҮ кичинесин** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЧИР** Кичине болуу, кичирейүү, азаюу, аз болуу. *Эңиш тартып бою да кичирген* (Токомбаев). *Оттун жалыны кичирип отуруп, өчүүгө жакындады.* («Ала-Тоо»).

**КИЧИРЕЙ кичир** менен бирдей.

**КИЧИРТ кичир** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИЧИРҮҮ кичир** этишинин кыймыл атоочу.

**КИЧҮҮ** Жаш жагынан кичине, кенже, улуу эмес. *Салима Карыптан үч же төрт жаш кичүү* (Абдукаримов). *Эркектен менден кичүү иним бар* (Сыдыкбеков). ‖ Мансабы, даражасы ж.б. белгилери боюнча төмөн, кичине, кичик. *Кызматы боюнча кичүү болгондугун эске албай, жулуна бермей адаты бар* («Чалкан»).

**КИЧҮҮЛҮК** Кичүү экендик, кичүү деп айтарлык. *Кичүүлүк кылып сен койбосоң, ал агатайың ээ-жаа берер эмес* («Ала-Тоо»). *Кичүүлүк жолун кармады, Айтышкандан ийменип* (Калмырза).

**КИШ I** 1. Суусар тукумуна кирүүчү териси баалуу, күрөң түстүү, майда жырткыч айбан. *Кишке ууга чыгуу. Киш кармоо.* 2. Ушул айбандын териси же ушул териден жасалган кийим. *Киш телпек. Киш илик. Карадан жорго тердеткен, Кара киш кийип кирдеткен* (Токтогул). *Кийгени түлкү киш болуп* («Семетей» С.К.). *Көкүрөгүн ашка бөлөдү, Көчүгүн кишке жөлөдү* («Эл адабияты»). *Карадан жорго тердеткен, Кара киш кийип кирдеткен* (Коргол). *Белгилеген жигиттин, Киш калпагы бар эле* («Эл адабияты»).

**КИШ II** Кой-козуларды айдаганда же кайырганда айтылат.

**КИШЕН** 1. Качпас же ууру алып кетпес үчүн жылкынын эки астыңкы бутуна салып, бекитип коюучу тушоо. *Аттарга кишен салгын деп, Назарбай чабат башыма* (Барпы). 2. *өт.* Күнөөлүү адамдын колу-бутуна салуучу темирден жасалган тогоо. *Бутуколум кишенде Муңайып алыс кетемин* (Токтогул). *Колу-бутун байлаңар, Кишен салып айдаңар* («Эр Табылды»).

**КИШЕНДЕ** 1. Бутуна кишен салуу. *Тор кашка атты кишендеп* (Осмонкул). *Түнү аттарды кишендеп, отко койду* (Бейшеналиев). 2. өт. Тоскоолдук кылуу, буйдоо болуу, токтотуу. *Шарип менен Сапарды ар түрдүү тоскоолдуктар жылдырбай кишендеген* (Бейшеналиев). *Жаңжал кылып чыр баштап, Бүткөн ишти кишендейт* (Тоголок Молдо).

**КИШЕНДЕЛ кишенде** этишинин туюк мамилеси. *Кишенделген ат. Колу-буту кишенделди.*

**КИШЕНДЕТ кишенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИШЕНДӨӨ кишенде** этишинин кыймыл атоочу.

**КИШЕНДҮҮ** Бутунда кишени бар, кишен салынган. *Кишендүү ат. Айдап чыгат кызматка Кишендүүдөн миңдетип* (Токтогул).

**КИШЕНЕ** Жылкынын үйүрүн көргөндө, кулунуна каралаганда же кулуну энесин көргөндө ж.б. учурларда үн салуусу, дабыш чыгаруусу. *Анда-санда жылкынын кишенегени, иттердин абалаганы угулат* (Касымбеков). *Кула бээнин кулуну адашып калганбы, кишенеген дабыш чыгат, караны, балам!* («Ала-Тоо»).

**КИШЕНЕМЕ** *диал.* Кишенеп жиберме. *Кишенемелер болсо, мөөрөмө да болор.*

**КИШЕНЕТ кишене** этишинин аркылуу мамилеси.

**КИШЕНӨӨ кишене** этишинин кыймыл атоочу.

**КИШИ** 1. Ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, акыл-эстүү жан, адам. *Эркек киши. Аял киши. Чоң киши. Төмөнкү имерилиштен бир киши көрүндү* (Жантөшев). *Шамбет кары кишиге артык тамаша айтпай, ажарлуу гана күлүп койду* (Сыдыкбеков). *Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил* (макал). *Кишиден башка эч ким жогото албайт муну, кишиден башкага кереги жок мунуңдун...* (Усубалиев). 2. Аң-сезимдүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, кишилик сапаты бар адам. *Бул сага караганда киши экен, айткандарын аткарды* («Чалкан»).

**КИШИ АЛАСЫ ИЧИНДЕ** Адамдын оюнда эмне бар экенин билип болбойт, адамды сыртынан болжолдоп билүү кыйын. *Киши аласы ичинде, өзгөчө арызчылдардан сак болгула* (Бердикеев).

**КИШИ БОЛУУ** 1. Чоңоюу, эс тартып, өз оокатын өзү жасагыдай болуп калуу. *Аман жүрсө киши болор. Жаман чүрпөлөрү киши болуп калды* («Ала-Тоо»). 2. Оорудан жакшы болуу, айыга баштоо, баш көтөрүп калуу. *Кагылайын ачык айтып, ак сүйлөчү, абалы кандай, киши болчудайбы?* (Бердикеев).

**КИШИ-КАРА** Кимдир бирөө, жалпы эле киши. *Киши-кара көрүнсө, Дым чыгарбай жаткыла* («Эр Табылды»).

**КИШИ КАТАРЫНА КОШУУ** Тарбия-таалим берүү, адам кылуу, кам көрүү, элге аралаштыруу. *Андай ооруйт экен, өзүн эле окутуп-чокутуп, киши катарына кошсоңор болбодубу кагылайын* (Өмүрбаев).

**КИШИ КЕЛДИБИ, ИТ КЕЛДИБИ ДЕБӨӨ** Эч көңүл бөлбөө, назар салбоо, теңсинбегендей мамиле жасоо. *Ата-а, киши келдиби, ит келдиби, буларга баары бир белем* (Ашымбаев).

**КИШИ КИЙИК** Эпостордо, жомоктордо учуроочу жапайы адам. *Киши кийик, төө кийик Адырында көп экен* («Манас»). *Киши кийикке окшойсуң* (Тойбаев).

**КИШИ КИЙИК КЫЛУУ** Жылаңач кал-

тыруу, кийиндирбей коюу. – *Мени кийинтесиңби же киши кийик кылып жүрө бересиңби? – деп каарын жүзүнө чогултту* (Осмоналиев).

**КИШИ КОЛДУУ БОЛУУ** 1. Өз ажалынан эмес, бирөө тарабынан өлүм табуу, өлтүрүп коюу. *Мунун киши колдуу болуп өлгөнүн же өз ажалынан мүрт кеткенин кийин аныктарбыз* (Бектенов). – *Осоке, Жоодар киши колдуу болуптур! – деди* (Өгөбаев). *Алымкул аталыктын киши колдуу болушу булардын ортосун ого бетер суутуп кетти* (Касымбеков). 2. **Уурдалуу.** *Саап турган ую киши колдуу болду. Жылкы жоголбой эле киши колдуу болгону билинди* (Ш. Үмөталиев). *Акынды менден жакын билген киши жок, дептери киши колдуу болуп кетиптир* (Абдукаимов). *Билип коюңуз, дептер киши колдуу болгон жок, биз да бирдемени түшүнөбүз* (Абдукаимов). **В.: Душман колдуу болуу.** *Жөнөкөй кишилер эмес, кадимки даңазалуу баатырлар да капилет басканда душман колдуу болушкан* (Абдукаимов). *Ал душман колдуу болуп, майып кылынышы айдан ачык* («Ала-Тоо»).

**КИШИ КӨЗҮН КАРАБОО** Бирөөгө көз каранды болбоо, өз алдынча болуу. *Киши көзүн карабай, кийик атып жан бактык* (Калык).

**КИШИ САНЫНАН ЧЫГУУ** Катарга кошулбоо, сөзгө алынбоо, эч көңүл бурулбай калуу. *Антүү колунан келбегендери киши санынан чыгып калат* (Айтматов).

**КИШИ ШЕР** Баатырлардын баатыры, кыраандардын кырааны. *Ал ыраматылык айкөл калың кошундан качпаган киши шердин бири эле* (Субанбеков).

**КИШИГЕ ЖУГУМУ ЖОК** Колжойгон, эби жок, бирөө менен ымалага келе албаган, кербезирээк. *Кишиге жугуму жок бир байкушсуң! Минтип жүрсөң, кантип жан багасың* («Ала-Тоо»).

**КИШИЛИК I** 1. Кишичилик, адамгерчилик. *Колунда малың турганда, Кишиликти унуттуң* (Осмонкул). *Кишилиги жок наадан тура* («Чалкан»). 2. Канча кишиге тете экендигин же нерсенин көлөмү, өлчөмү канча кишиге таандык болорун, туура келерин билдирүү үчүн колдонулат. *Деги сенин канча кишилик алың бар!* («Ала-Тоо»). *Зубайда өзүнө бир кишилик башка төшөк жайлап алды.* (Убукеев). *Үйдүн сол жаккы капталында эки кишилик чоң кровать* (Жантөшев).

**КИШИЛИК II** Ээрдин киши отуруучу, көчүк коюучу үстүнкү бөлүгү.

**КИШИЛИКТҮҮ** Адамгерчиликтүү, кичи пейил, адептүү, тартиптүү, сылык. *Кичи пейил, ак көңүл Кишиликтүү зайыбы* (Осмонкул). *Токтогул тамашакөй, шайыр, кишиликтүү акы н болгон* (Бөкөнбаев).

**КИШИМСИ кишисин** менен бирдей. *Эптеп кишимсип жүргөн бир байкуш турбайбы, анын колунан эмне келмек* («Ала-Тоо»)

**КИШИНЕ** *туурасы:* **кишене.**

**КИШИНИН ИЧИНЕ КИРИП ЧЫККАНДАЙ** Бирөөнүн оюндагысын так билгендей, ага аралашып жүргөндөй. *Сарыгулдун мына ушундай кишинин ичине кирип чыккандай сүйлөмө адаты бар* (Абдукаимов).

**КИШИРКЕ** *диал.* Кишини көргөндө күчөп, жээлигип кетүү, тынч тура албоо. *Кишини көргөндө киширкеп чыгып кетесиң.*

**КИШИСИН** Кандайдыр бир киши абалында болуу, ошондой абалдагы кишиге окшоп көрүнүү, колунан бирдеме келген, бирдемеге жарагыдай, арзыгыдай киши сыяктануу, кишилик сапаты бар өңдөнүү. – *Кел, балам, чайың муздап калды! – деп, атам да мага жаны ачыган кишисинди* (Жантөшев). *Элге кур кетүүнү ылайык көрбөй жүргөн элем,– дедим кишисинип* («Ала-Тоо»).

**КИШИСИНТ** Кимдир бирөөнү кишилик сапаты, идиреги бар, колунан иш келет, аркы-беркини түшүнөт деп баалоо, киши катарында саноо. *Сени кишисинтип ишенип жүргөнүм бекеринен эмес эле, иничегим!* («Ала-Тоо»).

**КИШИСИНТҮҮ кишисинт** этишинин кыймыл атоочу.

**КИШИСИНҮҮ кишисин** этишинин кыймыл атоочу.

**КИШИЧИЛ** Кишиге кол салма, качырып тийме адаты бар, киши жегич (бука, буура сыяктуу үй айбандарына жана жырткычтарына карата айтылат). *Кишичил бука. Кишичил жолборс. Сопу бийдин кишичил кара буурасы кубалап келип, Токтогулду жарга камады* (Токомбаев).

**КИШИЧИЛИК кишилик** менен бирдей. *Лайлыкан кара торунун эң сулуусу, өңүнө жараша акыл-эси келишкен, кишичилиги артык кыз* (Жантөшев).

**КИШИЧИЛИКТҮҮ кишиликтүү** менен бирдей. *Бүбүш өзбү, жатпы – баарына бирдей караган, келим-кетимге түшүнгөн кишичиликтүү неме* (Таштемиров).

**КИШМИШ** 1. Майда, данексиз, таттуу жүзүмдүн сорту. 2. Ушул жүзүмдүн кургатылган мейизи. *Шарап куй, кишмиштен кой, дасторкон жай* (Үмөталиев). *Ар даамды бүт берди, Киш-миш чайкап сүт берди* («Манас»).

**КЛАВЕСИН** *муз.* Клавишалуу чертме музыкалык аспап.

**КЛАВИАТУРА** 1. Музыкалык аспаптардын кол менен басуучу клавишасынын тизмеги. 2. Ар кандай механизмдердин (мис. компьютердин) клавишаларынын жалпы жыйындысы.

**КЛАВИША** 1. Музыкалык аспаптардын (фортепьяно, баян, пианино, фисгармония ж.б.) кол манжалары менен басып үн чы-

гаруучу пластинкасы. 2. Ар кандай механизмдердин кол манжалары менен басып, кыймылга келтирип туруучу бөлүгү.

**КЛАН** 1. Уруу, уруу жамааты. 2. *өт.* Адамдардын, саясий ишмерлердин кандайдыр бир топко, белгилүү бир чөйрөгө таандык болуусу.

**КЛАПАН** 1. *тех.* Кандайдыр бир механизмдин буу, суюктук жана газ чыгара турган тешиги ачып-жаап туруучу капкак. 2. *мед.* Жүрөктүн канды артка карай жүрүшүнө мүмкүндүк бербей турган капкакчасы.

**КЛАРНЕТ** *муз.* Жыгачтан жасалган үйлөмө музыкалык аспап. Ал түтүкчө формада болуп каналынын узундугу 590-680мм.

**КЛАСС** 1. Башталгыч жана орто мектептердин окуучуларынын окуу жылына жана алган билимине карата бөлүнүшү, окуучулардын ушундай белгилерине жараша бөлүнгөн тобу. *Биринчи класс. Бешинчи класс. Алтынчы класс. Онунчу класстын окуучулары.* 2. Көркөмдүк окуу жайында окуучуларды предметке жараша бөлүштүрүү тартиби. *Сүрөт классы. Рояль классы.* 3. Окуучулар окуй турган бөлмө. *Класстан жүгүрүп чыккан балдар агайынын тегерегине топтолуп, кубанычтуу саламдашып жатышты* («Ала-Тоо»).

**КЛАССИК** 1. Илимдин, искусствонун, адабияттын өзгөчө белгилүү, таанымал, үлгүлүү ишмери. 2. Классицизмдин өкүлү жана анын жолун жолдоочу. 3. Байыркы грек, латын тили жана адабияты боюнча адис.

**КЛАССИКА** Искусстводо, адабиятта ж.б өтө көрүнүктүү жалпыга таанылган үлгүлүү чыгармалар.

**КЛАССИКАЛЫК** 1. Классиктер түзгөн, чыгарган өтө көрүнүктүү, маанилүү, үлгүлүү (адабий, илимий ж.б. чыгармалар жөнүндө). 2. Байыркы гректер менен римдиктердин заманына, шартына туура келген, ошолорго тиешелүү болгон, антикалык. *Классикалык тилдер (байыркы рим, латын тилдери).*

**КЛАССИФИКАЦИЯ** Башкалардан айырмалануучу жалпы белгилерине, белгилүү окшоштуктарына карап, класстарга, түркүмдөргө, разряддарга бөлүү системасы.

**КЛАССИФИКАЦИЯЛА** Классификация кылуу, жалпы белгилерине, окшоштуктарына карап өз ара бөлүштүрүү, ажыратуу.

**КЛАССИФИКАЦИЯЛАН классификациялa** этишинин өздүк мамилеси.

**КЛАССИФИКАЦИЯЛОО классификацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЛАССИЦИЗМ** 1. Байыркы грек, латын тилдерин жана антикалык (байыркы) адабиятты, искусствону үйрөнүүгө негизделген билим берүү системасы. 2. Адабият менен искусствонун антикалык (байыркы Грецияга, Римге таандык) үлгүлөрүн тууроого негизделген XVII кылымдан XIX кылымдын башына чейинки агым.

**КЛАССКОМ** Бир класстын окуучулары тарабынан шайланып, ошол класстагы тартип, коомдук иштер жагына жетекчилик кылуучу окуучу. *Эмесе, балдар, жылдагыдай эле класском, тазалык шайлайлы* («Агым»).

**КЛАССТАШ** Бир класста окуган, классы бир. *Класташ жолдоштор. Класташ окуучулар.*

**КЛАССТЫК класс** дегенге таандык. *Класстык комната. Класстык журнал.*

**КЛАСТЕР** *комп.* Жазуу жана окуу үчүн дисктеги из секторлорунун тобу.

**КЛЕЁНКА** Суу өткөрбөөчү өзгөчө курам менен капталган же ушундай зат менен жасалган материал. *Андрей клеёнка фартугун кийди* (Байтемиров).

**КЛЕЙ желим** менен бирдей. *Жыгач клей. Универсал клей.*

**КЛЕЙМС** *экон.* Келип түшкөн товарлардын абалынын канааттандыраарлык эместигине жана сапатынын тиешелүү талаптан төмөндүгүнө байланыштуу сатып алуучунун сатууга койгон доо-талабы.

**КЛЕЙСТЕР** Крахмалдан же ундан жасалган клей.

**КЛЕРИКАЛИЗМ** Мамлекеттин саясий жана маданий турмушуна чиркөөнүн таасирин күчөтүүнү көздөгөн реакциялык агым.

**КЛЕТКА** 1. *биол.* Протоплазма, ядро, чел кабыктан турган жандуу организмдин жөнөкөй бирдиги. *Нерв клеткасы. Жаныбарлардын клеткалары. Өсүмдүктөрдүн клеткалары.* 2. Ткань элементи.

**КЛЕТКАЛУУ** Клеткадан турган, клеткасы бар.

**КЛЕТЬ** Шахтага түшүү, кайра чыгуу үчүн ылайыкталып жасалган техникалык түзүлүш. *Клеттин нак оозунда отурган телефонистка жердин асты менен үстүн байланыштырып турат* (Сасыкбаев).

**КЛЁШ** 1. Тегерек кең этектүү көйнөк. 2. Багалеги кең шым.

**КЛИЕНТ** к. **кардар.**

**КЛИЗМА** 1. Оорулуу адамды дарылоо же дартын табуу, аныктоо үчүн көтөн чучукка ар кандай суюктук жиберүү аракети. 2. Ушундай аракетти жасоодо колдонулуучу жабдык.

**КЛИКА** Өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенген жаман ниеттүү адамдардын тобу.

**КЛИМАКС** Аялдын жашы улгайганда анын айызынын таптакыр токтошу.

**КЛИМАТ** Белгилүү бир жерге мүнөздүү болгон метеорологиялык шарттардын жалпы белгиси, жыйындысы. *Мелүүн климат. Тоо климаты. Континенталдык климат. Экватордук климат.*

**КЛИНИКА** *к.* **бейтапкана.**

**КЛИНИЦИСТ** Дарылоо иштерин да, изилдөө иштерин да жүргүзүүчү клиниканын

врачы.

**КЛИНКЕР** Кирпичтин ным тартпоочу, жолго төшөлө турган сорту.

**КЛИНОПИСЬ** Алдыңкы Азиянын байыркы элдеринин топурактын же таштын бетине шынаа сыяктуу учтуу сызыкчаларды түшүрүү аркылуу берилген жазуу ыкмасы. *Вавилондук клинопись.*

**КЛИПЕР** Үч мачталуу тез жүрүүчү жел кеме.

**КЛИРИНГ** *экон.* Тараптардын талаптарды жана милдеттенмелерди өз ара чегеримге (зачётко) негиздеп накталай акчасыз эсептешүү тутуму.

**КЛИШЕ** *полигр.* Басмадан басып чыгаруу үчүн металл, жыгач же башка тактанын бетине түшүрүлгөн сүрөт, чийме, план ж.б.

**КЛОУН** Цирктин элди күлдүрүүчү оюндарды аткара турган артисти, маскарапоз.

**КЛУБ** Коомдун саясий, маданий деңгээлин көтөрүү, өркүндөтүү жана алардын көңүл ачуусун, дем алуусун уюштуруу иштерин жүргүзүүчү мекеме жана ошондой мекеменин жайы, үйү. *Түнкү клуб. Шаардык клуб. Джаз клуб. Дебат клуб.*

**КЛУМБА** Гүлдөрдүн ар кандай формада кооздолуп жасалган аянты, катар саптары.

**КЛЮШКА** *спорт.* Хоккей оюнунда колдонулуучу башы иймекей таяк.

**КНОПКА** 1. Кагазды же ошол сыяктуу жука, жеңил материалды дубалга, тактага кадай турган жалпак бөрктүү кыска мык. *Сүрөттөрдү кнопка менен кадоо. 2.* Бири-бирине ашталып бекиле турган металл топчу. 3. Электр коңгуроосун шыңгыратуу үчүн баса турган тетик. *Пазыл каалганын түбүндөгү кнопканы баса албай көпкө турду* («Агым»).

**КНЯЗЬ** 1. Феодалдык Руста аскер башкаруучу жана кандайдыр бир областка ээлик кылуучу адам. *Бай эмес, падыша эмес, князь да эмес, Өзүмдөй жөн адамдар жолдошторум* (Үмөталиев). 2. Ушундай адамдардын укумдан-тукумга мурас болуп келген титулу жана падышанын указы боюнча ушундай титулду алган адам.

**КОАЛИЦИЯ** Мамлекеттердин, саясий партиялардын жана башка уюмдардын жалпы саясий, согуштук, экономикалык максаттарга жетишүү үчүн түзгөн бирикмеси, союзу, бүтүмү.

**КОБАЛЬТ** Темирден бек, кызгылты бар түстүү ак металл, химиялык элемент.

**КОБЗА** Украиналыктардын чертип ойноло турган эски музыкалык аспабы.

**КОБЗАРЬ** Кобза чертип ырдоочу украиналык элдик ырчы.

**КОБРА** Мойнунда темгили бар, өтө уулуу ири жылан.

**КОБУК** Колдун муун оорусу. *Эңилтип кетмен көп чабып, Кобук болгон билегим* («Эл адабияты»). *Кобук кылып дөөрүтүп, Колумду алдың, карылык* (Тоголок Молдо).

**КОБУЛ I** 1. Уук, кереге, түндүк, чамгарак сыяктуу ж.б. буюм-теримдерди коосдоо үчүн түшүрүлгөн ичке, жылга-жылга келген оюк, из, оюм. *Алтындан кобулу бар ал кылычта, Тапшырды Дарыйкага кындан кармап* («Эл адабияты»). 2. Териден тигилген кийимдин, башка буюмдардын тигишине тиштеп түшүрүлгөн из, оюм. 3. Көңдөйчө. *Ээрдин кобулу.* 4. Капталдары салыштырмалуу тик, узун, кууш оёң жер. *Кобул – жер бетиндеги кобулдар жана океан тереңдиктериндеги кобулдар болуп бөлүнөт.*

**КОБУЛ II** Көңүлдүү жер.

**КОБУЛ КОЛДУУ** Ичке манжалуу (кө-бүнчө аялдарга карата айтылат). *Орто бойлуу он беш жаш, Кобул колдуу колоң чач, Өрдөк моюн, түймө баш* («Манас»).

**КОБУЛДА** Кобул түшүрүп коосдоо. *Жымырата тиктирген, Жылан боор бүктүргөн, Кош кобулдап тиштеген* («Манас»).

**КОБУЛДАН** **кобулда** этишинин өздүк мамилеси.

**КОБУЛДАТ** **кобулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОБУЛДОО** **кобулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОБУР I** 1. Сөздөрү даана, ачык угулбаган, ажыратылбаган үн, дабыш. *Кобур-кобур үндөр, кез-кез күлкү чыгат* (Сыдыкбеков). *Үйдүн ичи кобур-дүбүр, козголгондо тынчыбай* (Токомбаев). *Кубанычтуу, күлкүлүү кобур көтөрүлдү* (Сасыкбаев). *Кобур менен күлкү куду өткүн жаагандай себелеп турду* (Сыдыкбеков). 2. Сөз, кеп. *Жер бетинде кобурду, Толуктап айтып берейин* («Семетей»). *Кобур салуу.*

**КОБУР II** Үңкүр, кысык. *Жүрөкчө аска кобурга, Жүгүрүп бала барды – дейт* («Эл адабияты»).

**КОБУРА I** 1. Сүйлөө, кеп салуу, сөз айтуу. *Бул арада энеси эмнелерди айтып кобурап жатканын уккан да жок* (Байтемиров). *Үйдүн ичинен кишилердин кобурап сүйлөшкөн үнү угулат* (Абдукаримов). *Сатар Көчөргө кыналыша кобурады* (Бейшеналиев). 2. Күңкүлдөп тиешеси жок сөздөрдү сүйлөө, бирдемелерди айта берүү. *Жоо келет деп кобурап, Жок сөздү айтып жобурап* («Эр Табылды»). *Койдон залал көргөндөй, Кобурайсың, сүйлөйсүң* (Тоголок Молдо).

**КОБУРА II** Пистолеттин же тапанчанын кабы, футляры.

**КОБУРАТ** **кобура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОБУРАШ** **кобура** этишинин кош мамилеси.

**КОБУРОО** **кобура** этишинин кыймыл атоочу.

**КОБУТ** Оюк, үңкүр маанисинде. *Адырдан аркар алдырып, Кобуттан кулжа эңдирип* (Молдо Кылыч).

**КОБУТКА** Аттын жонун басып койбос үчүн ээрдин арткы чатына коюлган кийиз же башка материал. *Кобутка коюп ат минген.*

**КОВЕРКОТ** Сырт кийимге ылайыкталып жүндөн токулган же жарым-жартылай жүндөн токулган тыгыз кездеме.

**КОД** Телефон, телеграф, радио аркылуу жашыруун маалыматтарды берүүдө колдонулуучу шарттуу белгилердин же сигналдардын системасы. *Телеграф коду. Метеорологиялык код.*

**КОДДОГУЧ** *комп.* Код көрсөткүчтөрүн сандык импульска өзгөртүп, компьютерге жиберүүчү.

**КОДЕИН** Жөтөлгө каршы ичиле турган ак кристалл түрүндөгү порошок.

**КОДЕКС** 1. *юр.* Коомдук турмуштун белгилүү бир жагы боюнча системалаштырылган мыйзамдардын жыйнагы. *Кылмыш кодекси. Жарандык кодекс.* 2. *өт.* Жүрүш-туруш, тартип ж.б. эрежелеринин жалпы жыйындысы. *Моралдык кодекс.* 3. Түптөлгөн, мукабаланган эски кол жазма. *Пергаменттик кодекс.*

**КОДЕЛЕК** **кодик** менен бирдей.

**КОДИК** 1. Куландын кулуну. 2. Эшектин баласы.

**КОДО** *туурасы:* **кодоо.** *Кодо сары болсо, баланын кейпине борсулдап күлүп, досунун айтканын сүрөп, өзү да билек түрө демитти* (Касымбеков).

**КОДОГОЙ** Кичине бойлуу, бою жапыз, кодоо.

**КОДОЙ** Бою кыска, кичине болуп көрүнүү. *Завалишин эргежээлдей кодойгон, бели бүкүр киши эле* (Баялинов). *Татыбек четте турган чекир көздүү кодойгон кишиге түптүз баратат* (Байтемиров).

**КОДОЙТ** **кодой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОДОЛ: ак кодол** Тамыры кымызга кошулуучу же элдик медицинада дары-дармек катары колдонулуучу, гүлдөрү ар кандай түстөгү (сары, көк, сыя) тегерек жалбырактуу куурай өсүмдүгү. *Мен аны сиан деймин, кыргыздар ак кодол дейт экен* (Жантөшев). *Ак кодолу, күчала, Аппак эле чүчтөдөй* (Тоголок Молдо). *Жанагы кадимки ак кодолчу, буту-колу шишигендер ошону кымызга ачытып ичишет* («Ден соолук»).

**КОДОҢ: кодоң-кодоң** Бою жапыз, кичине кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Кодоң-кодоң жүгүрүү.*

**КОДОҢДО** Кодоң-кодоң этүү. *Малымды алып бергин деп, Малкара турат кодоңдоп* (Осмонкул). *Кодоңдогон бурутум, Сенден алар жообум бар* («Манас»).

**КОДОҢДОО** **кодоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОДОҢДОТ** **кодоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОДОО I** Балык кармоо үчүн чырпыктан жана зымдан согулган тор. *Тереңдетип кодоосун, Балык аңдып турду эле* (Токобаев).

**КОДОО II** Бою жапыз, кыска, кичине, кодогой. *Бирөө арык чырай, кодоо, адам, экинчиси толмочунан келген узун бойлуу* («Ала-Тоо»).

**КОДОЮУ** **кодой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОДУ** *сейр.* Өгөйлөгөндүк, бөтөнсүнүп, өөнсүтүп мамиле кылгандык. *Ата көргөн бала да сендей болобу? – деген сыяктуу коду көздөр Татыбекти үйгө келгиче жүдөтүп жиберди* (Байтемиров).

**КОДУЛА** Бирөөнү бөтөнсүнтүү, өгөйлөө, өөнсүнтүү. *Калыбек түшүндүрбөстөн бизди кодулап жүргөндүр* («Ала-Тоо»). – *Эмне кодулайсыңар! – деп, жүзүмдү үйүрдүм* («Чалкан»).

**КОДУЛАТ** **кодула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОДУЛОО** **кодула** этишинин кыймыл атоочу.

**КОДУРА** 1. Атайын эгилбестен, жерге түшкөн данынан, уругунан кийинки жылы өзүнчө өнүп чыккан эгин, өсүмдүк. *Кодура арпа. Кодура өскөн буудайлар.* 2. *өт.* Жөндөмсүз, жарамы жок, чабал. *Ишке жарабаган өңчөй кодураларын бизге жибериптир* («Ала-Тоо»). – *Бул Күмүштүн кодура комузчусу* (Токомбаев).

**КОЁ** Бүркүттүн, алгыр куштардын бөтөгөсүн жана тайгандын ичин тазалоо үчүн берилүүчү жеми менен кошо сугунтуп жедирип жиберүүчү тоголоктолгон кийиз, пахта же кыл.

**КОЁ КАЛ** Мактоо, даңазалоо, артыкчылыгына суктануу же какшыктап көтөрө чалуу, сүрөө маанисинде колдонулат. *Жигит болбосоң коё кал! Кымыз болбосоң коё кал, чаңкаганымды кандырды!*

**КОЁН** 1. Кемирүүчүлөр тобуна кирүүчү, кулагы менен арткы буттары узун, анча чоң эмес, бакма жана жапайы жаныбар. *Ашым алдыга өттү. – А сиздин машкеңиз коёнго жетеби?* (Сыдыкбеков). *Коёну токой чериңде, Кыргоолу аянт жериңде* (Тоголок Молдо). 2. Айбандардын аттары менен берилген он эки жылдык жыл эсебинин төртүнчү жылынын аты. *Коён жылы төрөлгөндөр* (Токомбаев).

**КОЁН ЖҮРӨК** Өтө эле коркок, жүрөгү жок, өтүмү жок. *Мен бир көлөкөсүнөн корккон коён жүрөк байкушмунбу?* (Абдукаимов). – *Ко-куй, ой, коён жүрөк десе, коркпо!* (Жусупов). *Көлөкөңөн корккон коён жүрөк экенсиң* (Токомбаев). **В.: Суу жүрөк.** *Айтпадымбы! -деди Омор оңдоно калып, суу жүрөксүң өзүң* (Сыдыкбеков).

**КОЁН КУЛАК** Жайылган камырдын ортосуна эт салып, сары майга кууруп бышырылган даам түрү.

**КОЁН ТЕБИШ** Балдар оюнунун бир түрү.

**КОЁНДОЙ ОКШОШ** *к.* **коёндон окшош.**

**КОЁНДОН ОКШОШ** Опокшош, бирин экинчисинен айрып алгыс, союп каптагандай. *Коёндон окшош козусу, Коюңар тууган эгизден* (Маликов). **В.: Коёндой окшош.** *Коёндой окшош кыздар ээрчишип келе жаткан жеринен чоң эненин көзүнө чалдыкты* («Ленинчил жаш»).

**КОЁНДУН АЯГЫН ЖЕГЕНДЕЙ** Тынчы жок, бир жерге тынч алып тура албаган, ары-бери ойдологон (көбүнчө балдарга карата айтылат). *Коёндун аягын жегендей жүрөт да, кечинде суй жыгылат.*

**КОЁНДУН ЖАТАГЫНА ЧЕЙИН** Бүт бардыгын, ийне-жибине чейин, ой-чуңкурунан бери, эч нерсесин калтырбай. *Аскар коёндун жатагына чейин жазбай байкашка ашыгат* (Сыдыкбеков). **В.: Коён жатагына чейин.** *Бул жерде коён жатагына чейин жазбай билгендигин ошондо түшүндүк* («Кыргызстан маданияты»). *Черикке Суусамыр коён жатагына чейин белгилүү* (Байтемиров). **Коён жатагынан бери.** *Алай тараптагы жерлерди коён жатагынан бери түшүрүлгөн карта боюнча үчкө бөлүштү* (Осмоналиев).

**КОЁНЕК** Кичине, жаш коён (эркелетүү, кичирейтүү иретинде).

**КОЁНЧУК** Кокусунан кармай калып, тез жазылып кетүүчү талма сыяктуу оору. *Сени коёнчук болуп калыптыр дешти, ошондуктан көңүлүң сурайлык деп келдик* (Жантөшев).

**КОЖИМИТ** Теринин ордуна колдонулуучу жасалма булгаары.

**КОЖО I коё** менен бирдей.

**КОЖО II** 1. Мукамбет пайгамбардын же алгачкы халифтердин тукуму. 2. Бүткүл мусулмандардын диний башчыларына берилүүчү наам. *Азирети кожом тил алса* («Манас» С.О.). *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул). *Кожо келсе кой союп, Сыйлагандан болбогун* (Барпы). 3. Кожоюн, ээ. *Тоого да, түзгө да кожо бир өзүбүз* (Сыдыкбеков). *Кой дээр кожо жок, ай дээр ажо жок* (макал).

**КОЖОГАТ** 1. Кулпунай сыяктуу жапайы жер жемиш өсүмдүгү. *Кожогат менен карагат, Бүлдүркөнү дагы бар* (Токтогул). *Ушул беттерге келген адам кожогат менен бүлдүркөндөн аяк басарга чолоо жер таппайт* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн даамы кычкыл ширин келген мөмөсү. *Кожогат терүү.*

**КОЖОГОЙ** Колдогой, эби-сыны жок, олдоксон. *Кожогой киши.*

**КОЖОЙ** Катып, зыңкыйып калуу. *Таяктай кожоюп ийилбей калса да, өзүмдүн бутум каларына көзүм жеткенден кийин, бир аз жоошуй түштүм* («Ала-Тоо»).

**КОЖОЙТ кожой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЖОКТО кожоңдо** менен бирдей.

**КОЖОЛУК** 1. Кожого таандык, кожо болгондук. *Кожолук милдет.* 2. Чарба, чарбалык. *Колхоздун кожолугун көтөрүү үчүн жалаң шалы айдоо аздык кылар дейм* (Шимеев). 3. Түтүн. *Он беш кожолук айыл.*

**КОЖОҢДО** Олдоксон, эпсиз, эби-сыны жок кыймыл жасоо. *Колуңан келбесин билген соң, кожоңдой бербей, мага жылдырсаңчы* («Чалкан»).

**КОЖОҢДОО кожоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЖОҢДОТ кожоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЖОСАН** *эск.* Ээ, башчы, ээлөөчү. *Кожосан деп бакырып, Кошундун баарын чакырып* («Эл адабияты»).

**КОЖОЮН** 1. Ээ. *Ар бир инсан өз өлкөсүнүн чыныгы кожоюну* («Кыргыз Туусу»). *Быйылкы жаздан баштап биз өзүбүзгө өзүбүз кожоюн болобуз* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсеге жетекчилик кылган, башкарган, ээлик кылган адам. *– Биздин кой ферма башчы кожоюнубуз ушундай буйрук берип кетти* (Жантөшев). *Жумушчулар кожоюн келе жатат, кожоюн дешип, дүрбөп калышты* (Сасыкбаев). 3. Эр, күйөө. Үй ээси, үй-бүлөнүн башчысы. *Кожоюнум Балыкчыдан күтмөк* (Токомбаев).

**КОЖОЮНДУК** 1. Ээлик, ээ экендик, бийлик. *Мен бирөөнүн малына кожоюндук кыла албайм!* («Чалкан»). 2. Үстөмдүк, чондук, бийлөөчүлүк. *Силердин падышаңар мага кожоюндук кыла албайт* (Токомбаев).

**КОЖУРА** Кобурашып сүйлөшүү, кобуркобур этүү. *Кирпич коюп жаткандар кожурашып токтой калышты* («Ала-Тоо»). *Эшиктен кожурашып прораб Алехин, дагы бир тобу келишти* («Ала-Тоо»).

**КОЖУРАТ кожура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЖУРОО кожура** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЗГО** 1. Кыймылдатуу, жылдыруу, бир орундан экинчи орунга которуу, бири-бирине кагылыштырып, козголгон абалга келтирүү, козголтуу. *Козгой албай копшутуп, Кол сала албай окшутуп* («Эр Табылды»). *Орто жашаган аял бутун козгоп коюп, чакага көрсөтө сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Отту козгоп койчу, өчүп калбасын* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсе жөнүндө кеп салуу, сөз чыгаруу. *– Байке, Мөкүштү кошкон менен убара. Ал жок сөздү козгоп, иштебестен отуруп алат* (Таштемиров). 3. Бирөөнүн күнөөсү, айыбы боюнча тергөө ишин жүргүзүү, колго алуу. *Тергөөчү агрономдун үстүнөн иш козгоду* («Чалкан»). 4. Козутуу, ээликтирүү. *Делебени козгогон шаар багынын музыкасы ойнолду* (Баялинов). *Адамды козгоп жиберерлик кандай мыкты касиети болсо*

*да мен ага көңүл салбайм го дечү элем* («Чалкан»). 5. Өткөндү, унут болгонду, эскиргенди кайрадан жаңыртып эске салуу, кайрадан айтып чыгуу. *Капка-Ташка токтоду, Капа болуп ошондо, Качанкы дартын козгоду* («Эр Төштүк»). *Элиңдин жайын кайтадан, Эми бир кайра козгогун* («Эр Табылды»).

**КОЗГОЛ козго** этишинин туюк мамилеси. *Кош аман бол! – дегенде, Козголду жаштар көзүмдөн* (Казыбек).

**КОЗГОЛО** Кайра-кайра козгой берүү. *Отту козголой бербе, өчүрөсүң* («Ала-Тоо»).

**КОЗГОЛОҢ** Элдин, айлана-чөйрөнүн тынчын алган дүрбөлөң, чыр-чатак, бүлгүн, жоболоң, уруш-талаш. *Силерге түшкөн козголоң, Түшпөйт деп кантип айтамын* (Токомбаев). *Козголоң салып, аркы-терки аралап жулмалай берүүдөн эчтеме таппайсыңар* («Чалкан»).

**КОЗГОЛОҢДУУ** Козголоң түшүргөн, элге тынчтык бербеген, жоболондуу. *Козголоңдуу жигит бар, Коңшусу менен тынч жүрбөйт* (Токтогул).

**КОЗГОЛОҢЧУ** Козголонго катышуучу, козголоң чыгаруучу. *Козголоңчулардын кайда барып жай алганын билип келүүгө адам жиберилди* («Ала-Тоо»).

**КОЗГОЛОҢЧУЛ козголоңчу** менен бирдей. *Козголоңчулдарга каршы чара көрүү.*

**КОЗГОЛОО козголо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЗГОЛОТ козголо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЗГОО козго** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЗГОТ козго** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЗГОШ козго** этишинин кош мамилеси.

**КОЗО** *туурасы:* **гозо.**

**КОЗУ I** Койдун жаш төлү. *Аралаш, кызыл, көгү, кара, бозу, Күнүгө көбөйүүдө тармал козу* (Алыбаев). *Козулары төш таяна жайылып калган кез экен* («Ала-Тоо»).

**КОЗУ II** Жээлигүү, күчөө, кызуу, дүүлүгүү тынч тура албай ээлиге берүү, козголуу. *Жолун тосуп эр Семең, Тосуп турган кезинде, Кандай кылып ийсем деп, Козуп турган кезинде* («Семетей»). *Үнүңдү угарым менен козуп кеттим* («Ала-Тоо»).

**КОЗУ КАРЫН** Даяр органикалык заттардан тамактануучу башы калпак сымалдуу келген жапыз өсүүчү өсүмдүк. *Тоо жери кымыздык, согон, козу карын сыяктуу эң сонун табигый жашылчаларга бай* (Абдукаримов).

**КОЗУ КӨЧҮМ** Жакын арага көчүп конуу, бир аз эле көчүп барып конуу. *Андагылар жаканы карай козу көчүмдөп жылыштай берет* (Убукеев).

**КОЗУ КУЛАК** Козунун кулагына окшогон топ жалбырактуу кычкыл даамдуу өсүмдүк.

**КОЗУ САЛУУ** Өлүк тууп таштоо, баласы өлүк түшүү. *– Ой, айланайындар, акырын, бирин бири тебелеп кетип, түүй элек койлор козу салбасын, – деди Асылбүбү безилдеп* (Жантөшев). *Ай арасында бооз койлор кичине эле ачка болсо козу салат* (Кыдырмышев).

**КОЗУ ТҮШ** *эск.* Убакыттын чен-өлчөмүн билдирет. Болжол менен күндүзгү саат 10 жарымдан 11 жарымга чейинки мезгил.

**КОЗУ УЙГАК** Сүйрүчө тогологураак келген катуу даны бар тикендүү жапайы өсүмдүк.

**КОЗУГА** Аркардын козусу. *Аркар экен, козугасын эмизип турат* («Жомоктор»).

**КОЗУЛА** Козу тууп, төл берүү, төлдөө. *Кой козулап төлдөшүп, Койчулар жайып төлдөтүп* (Осмонкул).

**КОЗУЛАТ козула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЗУЛОО козула** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЗУЛУУ** Козусу бар, козу тууган, төлдөгөн. *Козулуу кой.*

**КОЗУТ козу II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЗУУ козу II** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙ I** 1. Эт, сүт, жүн берүүчү, үй айбандарына кирүүчү майда жандык. *Бир нече короо кой айылдан өйдөкү төштө жайылып жатты* (Убукеев). 2. Айбандардын аттары менен берилген он эки жылдык жыл эсебинин сегизинчи жылынын аты. *Кой жылы.*

**КОЙ II** 1. Бир нерсени жайына, белгилүү бир жерге орнотуу, жайгаштыруу. *Жерге кой. Столго кой. Телефон кой. Түргөн чийдей кылып, бирине бирин тегиз койгон жууркандар бир топ* (Сыдыкбеков). *Дасторконго коё салып бозосун, Жапкан нанды жай сындырып жеп койду* (Токомбаев). 2. Бирөөнү тыюу, токтотуу маанисинде колдонулат. *Оюнду кой. Тамашаңды кой. О Кой, балам, андай кылба!* («Ала-Тоо»). 3. Уруу, чабуу, муштоо. *Бир кой. Бизди көрүнгөн неме таш менен тоголото коюп отурса, деги кимибиз калабыз* (Абдукаримов). 4. Уруксат кылуу, эрк берүү. *Сага ырдаганды ким койду экен! Оюнду сага ким койду!* 5. Көпчүлүккө арналган сахналык чыгарманы, концертти, кинофильмди ж.б. элге көрсөтүү, демонстрациялоо. *Спектакль койду. Оюн койду. Окуучулар кеңири программада концерт коюп беришти* («Агым»). 6. Радио, приемник, телевизор ж.б. аппаратты сүйлөө же бир нерсе көрсөтүү абалына келтирүү, иштетүү. *Радиону коюп, концерт угуп жаткан элек* («Ала-Тоо»). *Телевизорду коюп койчу, эмнелер жөнүндө берип жатканын көрөлүк* («Ала-Тоо»). 7. Ишке дайындоо, тургузуу.

*Кызматка кой. Сокурдан сакчы койсоң, элиңди жоого чаптырасың* (макал). 8. Өлгөн адамды көмүү. *Биздин ата-бабалар, туугандар каза болгондорду ушул бейитке коюп келишкен экен. Егордун сөөгүн мүрзөгө койгондо, Ашыр да катышты* (Сасыкбаев). 9. Киргизүү, сунуш кылуу, талкууга салуу. *Добушка койду. Маселе койду. Көпчүлүктүн кароосуна койду.* 10. Чыгаруу, пайда кылуу. *Кандайдыр бир шамдагай жигит тамдын башына чыга калып, бедеге от коюп жиберди* (Абдукаримов). *Токойго өрт коюп, мамлекеттик мүлккө зыян келтирбегиле* («Ала-Тоо»). 11. Көмөкчү этиш катарында колдонулуп, капысынан болгонду, күчөтүүнү, өтүнүүнү ж.б. маанилерди билдирет. *Көрө койду. Биле койду. Сезе койду. Бере кой. Иче кой. Ала кой.*

**КОЙ-АЙГА КЕЛБӨӨ** Тил албоо, сөз укпоо, кепке көңүл бурбоо. *Алардын кой-айларын укпай, сезбей койгондо «Чалкан» журналынан киши барды эле, алдастап жаныңды катаар жай таппай калдың* (Эгиналиев).

**КОЙ АШЫК** Иттин үч жаштагысы.

**КОЙ КӨЗ** Көздүн кара-күрөң келген өңү. *Жар кабагынын астынан кой көздөрүн жалтыратып Сапар чебелеңдеди* (Бейшеналиев).

**КОЙ МААРЕК ТАРТУУ** Жоошуп калуу, токтоо тартуу. *Ар ким өз кесиби менен кошулуп, кой маарек тартып, жыргал берекесине бөлөндү* (Медетов).

**КОЙ ООЗУНАН ЧӨП АЛБАГАН** Кишиге өйдө карабаган, абдан жоош, момун, кулук-шумдугу жок, эч кимге жаманчылык кылбаган. *Кой оозунан чөп албаган момун Өскөнбай эч жакка бурулбастан, түз үйүнө келди* (Сыдыкбеков). *Кой оозунан чөп албаган момун не бир адамдардын сөөгү ушул мүрзөдө чириген* (Осмоналиев). *Бул менин кой оозунан чөп албаган бечара тууганым* (Касымбеков). *Үй ээси мурун деле кой оозунан чөп албаган момун киши эле* (Борбиев).

**КОЙ ТАШТАР** Жылмаланган жумуру формадагы тоотек сыныктары. *Кой таштар диаметри 10см ден 10м ге чейин болот.*

**КОЙ ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН** Өзүнүн чыныгы жүзүн, ким экендигин жаап-жашырган, түрүн өзгөртүп, тымызын душмандык кылган. *Шаймерден канча кылган менен кой терисин жамынган эски зулум* (Сыдыкбеков). *Акыйкат так ошондой табат баарын, Жамынган кой терисин душмандардын* (Маликов). *Кой терисин жамынган амалдуу бай, манап, молдо, кожолордун бетин ачууда, тап күрөшү айыгышкан учурда «Насыят» таасирдүү курал катары пайдаланууда* (Бейшеналиев). – *Коёнкөзов кой терисин жамынган эл душманы! – деди комиссиянын башчысы шапкесин мыкчый ордунан обдулуп* (Акматов). *Сыртынан эле окшошкон менен дилинде паракор, көшөкөр, алдамчы болгондорду «кой терисин жамынгандар» дешет* («Чалкан»).

**КОЙ ҮСТҮНӨ ТОРГОЙ ЖУМУРТКАЛОО** Жыргалчылык, телегейи тегиз, бейпил турмуш болуу, жыргал заман орноо. *Кой үстүнө боз торгой, Жумурткалап жайнасын* («Манас»). *Кой үстүндө торгой жумурткалап, жесир катын миң кой айдап, мал башын бура албай, нандан кашек чыгып калган заман келер!* (Ш.Үмөталиев). *Алыш-бериш, катышыңарды улап, кой үстүндө торгой жумурткалаган, байгерчиликте жашай бересиңер* (Бейшеналиев).

**КОЙ ЧАРБАСЫ** Мал чарбасынын бир тармагы. *Жеңил өнөр жайына кой чарбасы эң баалуу сырьё- жүн, тери, көрпө, ошондой эле азык-түлүк – эт, май, сүт берет.*

**КОЙГУЗ** **койдур** менен бирдей.

**КОЙГУЛ** Сүзүлгөн, коюуланган (уйку сураган, уйкусу келген, талыкшыган көзгө карата). *Мен дагы отурамын, жанымда Ажар, Ажардын көзү койгул, бети анар* (Турусбеков).

**КОЙГУЛА** Кайра-кайра коюу, уруу, чапкылоо, ургулоо. *Башка-көзгө койгулады.*

**КОЙГУЛАН** **койгула** этишинин өздүк мамилеси.

**КОЙГУЛАТ** **койгула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙГУЛАШ** **койгула** этишинин кош мамилеси.

**КОЙГУЛДАН** Койгул тартуу, сүзүлүп туруу (уйкусу келгенде, талыкшыганда). *Көздөрү койгулдана түштү* (Сыдыкбеков).

**КОЙГУЛДАНТ** **койгулдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙГУЛДАНУУ** **койгулдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙГУЛЖУМ** **койгул** менен бирдей. *Жайдарым тике карап күлүмсүрөп, Койгулжум кара көзү мурун үрөп* (Турусбеков).

**КОЙГУЛТ** **койгул** менен бирдей. *Акылдуу койгулт көздөрү ойлуу тиктейт* (Сыдыкбеков).

**КОЙГУТ** *диал.* Койдун чүкөсү. *Койгуттарын койнуна салып, короодон короону кыдырышып, каш карайганча атышып ойногон күндөрү көз ирмемде калкып өттү* (Бейшеналиев).

**КОЙГУУЛ** **кайгоол** менен бирдей. *Калың кошун берсеңер койгуулду өзүм чалам* (фольклор).

**КОЙГУУЛДА** **кайгоолдо** менен бирдей. *Койгуулдап аттан түшпөйт дейт, Кароолун жолдо өзбөйт дейт* («Эр Табылды»).

**КОЙГУУЛЧУ** Жер чалган, жер караган, чалгын чалган киши. *Койгуулчу болгон калмакты, Калтырбай сайып алдыңбы* («Эр Табылды»).

**КОЙДОН ЖООШ** Момун, токтоо, созулган, аркы-берки менен иши жок. *Колуктуң*

*койдон жоош экен* (Тойбаев). **к. Койдон коңур.** *Кой да сүйөт баласын коңурум деп, Сойсо, сатса билбеген момунум деп* (Эл ыры).

**КОЙДУР кой II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙКА** 1. Ооруканаларда, жатаканаларда, казармаларда ж.б. жайларда болуучу бир кишилик жөнөкөй керебет. *Бөлмөдө үч койка. Анын бири мага таандык* («Аалам»). *Койкада жатып, Сапардын санаасы бөлүндү* (Сасыкбаев). 2. Кемелердеги асма төшөк.

**КОЙКАЛУУ** Койкасы бар, койка жайгашкан. *Төрт койкалуу палата. Он беш койкалуу төрөт үйү.*

**КОЙКАНА** Кой киргизүүгө ылайыкталган, кой киргизилүүчү там.

**КОЙКОЙ** Мойнун созуп, сындуу көрүнүү, көрүнүшү, сын-сыпаты түзүк болуу. *Ак тайлактай койкоюп, Көлдөрдүн көркүн куу берет* (Токомбаев). *Ак куудай мойну койкойгон, Асыл заада турбайбы?* («Мендирман»).

**КОЙКОЙТ койкой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙКОКТО** Башын көтөрүп, мойнун созуп жүрүү, койкондоо. *Кызыл короз койкоктоп ары-бери басып турат* («Ала-Тоо»).

**КОЙКОКТОО койкокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙКОКТОТ койкокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙКОЛОКТО койкокто** менен бирдей. *Комуз алып колуна, Койколоктоп бир тынбайт* (Токтогул).

**КОЙКОЛОКТОО койколокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙКОЛОКТОТ койколокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙКОҢ: койкоң-койкоң этүү** Мойнун созуп, башын койкоктотуу. *Кыргоол дабышты тыңшап, койкоң-койкоң эте калды* («Жаш ленинчи»).

**КОЙКОНДО койкокто** менен бирдей. *Дегеле өз алдынча койкоңдоп, мүнөзү өзгөрүлүп калды* («Ала-Тоо»).

**КОЙКОНДОО койкондо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙКОНДОТ койкоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙКОЮУ койкой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙЛУК** Койго татырлык, койчолук. *Бөрү карыса, бир койлук алы бар* (макал).

**КОЙЛУУ** Кою бар, кою көп. *Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала чуркаптыр* (макал). *Быйыл мурдагыдан да койлуу болуп, байыган чагыбыз* («Ала-Тоо»).

**КОЙМААРЕК** Мүнөзү жоош, аркы-беркиге киришпеген, кийлигишпеген момун, бир мүнөз. *Момураган коймаарек адам экен* («Ала-Тоо»).

**КОЙМОЛЖУ** Көздөрү сүзүлүп, коюуланган, бүткөн бою талыкшыган абалда болуу. *Көздөрү коймолжуп, уйкуга баш койгусу келген бала сөзүн токтотуп, тынчып калды* («Ала-Тоо»).

**КОЙМОЛЖУН: коймолжун тарт** Көздөрү сүзүлүп, коймолжуп туруу, коюулануу.

**КОЙНОТ** Кокту, аң, колот. *Колоттон үйдү көрдүбү, чором, Койноттон жылкы таптыбы, чором* («Манас»).

**КОЙТОЙ** Бою кыска, кичинекей болуп көрүнүү.

**КОЙТОЙТ койтой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙТОЛОНДО** Койтоң-койтоң этүү, койтоңдоп жүрүү.

**КОЙТОЛОҢДОО койтолоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙТОЛОНДОТ койтолоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙТОНДО** Бою койтойгон, кичине, кыска кишинин кыймылына, басканына ж.б. карата айтылат.

**КОЙТОҢДОО койтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙТОНДОТ койтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙЧАГЫР** Эпостук чыгармаларда кездешүүчү эски мылтыктын түрү. *Алма баштуу койчагыр, Карсылдатып койгулап* («Манас»). *Ошондо Эликбай мерген койчагары менен бир куланды бутка атып аксатып, Шааболот бек өзүнүн Көкчолок дулдулу менен кууп жетип, сыйыртмак салып муунтуп, кулактан кармап мойнун толгоп жыккан.* (Абакиров).

**КОЙЧУ I** Кой, эчкини асырап, кайтарган адам. *Чоорун тартып койчу кирип келет* (Бөкөнбаев). *Садыр койчу сөз кезегин алды* (Убукеев). *Өлөр эчки койчунун таягына сөйкөнөт* (макал). *Изде мени жылкычыдан, койчудан, Пахтачыдан колу тынбай ойкуган* (Кулумбаев).

**КОЙЧУ II** Чочуганда, таң калганда же бир нерсени жактырбаган, көңүлсүнбөгөн учурда айтылат. *Койчу, койчу эстебечи муңайба* (Бөкөнбаев). *Дагы эмне балээни баштап жатасың, койчу нары* (Абдукаримов). *Нурбай муну күткөн эмес Тынайдан, – Койчу! – деди каш, сакалын сыйпалап* (Токомбаев).

**КОЙЧУ-КОЛОҢ** Жалпы эле кой баккандар, койчулар.

**КОЙЧУЛУК** Кой баккан, койчу болуп иштеген кесип, иш, кой багуучулук. *Сен келипсиң, Эшмамбет, Койчулуктан кутулуп* (Токтогул).

**КОЙЧУМАН койчу I** менен бирдей. *Менден тыңшап кабар ал, Койчумандан угуп кал* (Токомбаев).

**КОЙШОЛОКТО** Жоруктуу, шайкелең болуп көрүнүү, бирөөгө тийишкенди, кыйшаңдаганды жакшы көрүү.

**КОЙШОЛОКТОО** **койшолокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЙШОЛОКТОТ** **койшолокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЙШОЛОНДО** **койшолокто** менен бирдей.

**КОК I** Учкун, чок, жалын (эпостук чыгармаларда айтылат). *Асыл энең Каныкей, Күйүп-бышып кок болуп* («Сейтек»).

**КОК II: кок-кок** Короздун дабышын, үн салышын билдирген сөз. *Кызыл короз таанышгандай кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

**КОК III** Кемеде тамак даярдоочу ашпозчу.

**КОК IV** Кир, булганыч, какач. *Эрге каршы суук тил, Элечеги кок болот. Ушак айтып сөйрөңдөп, Урушка оозу шок болот* (Тоголок Молдо). 2. Заң, тезек. *Айбандын когу.*

**КОКА** Жалбырактарынан кокаин алына турган тропикалык бадал өсүмдүгү.

**КОКА-КОЛА** Газдалган суусундук түрү.

**КОКАИН** Кока бадалынын жалбырагынан алынып, медицинада наркотикалык дары катарында колдонулуучу уулуу зат.

**КОКО I** 1. Кекиртектин алкымга тушташ жогорку бөлүгү. *Кокодон алып муунтайын деген экен да!* («Чалкан»). 2. Кекиртектин алкымга тушташ жериндеги уркуюп чыгып турган кемирчек калканы. *Чорчоюп бери чыгып турган кокосу, жалпайган мурду көрүнөт* (Байтемиров). *Тагай узун бойлуу, кокосу оркойгон, чап жаак кара жигит* (Жантөшев).

**КОКО II** Сөңгөгү жоон, тикенектүү, далдагай жазы жалбырактуу куурай. *Коко тикен. Төө коко. Ак коко. Коко куурай.*

**КОКОЗО** Кырып алынган апийимди чогулта турган идиш. *Биз ашыгып кийинип, бирден кокозону белибизге байлап, жөнөп калдык* (Элебаев).

**КОКОЙ** 1. Сороюп чыгып туруу, башкалардан бөлүнүп туруу. *Кокойгон жалгыз баш чыгат, Көзүнөн кандуу жаш чыгат* («Курманбек»). *Айылдын баш жагындагы кокойгон узун терекке чейин бардыгыбыз жүгүрүп келип, көлөкөсүндө эс алып отура калчубуз* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Тегерегинде эч ким калбай, жалгыз өзү калуу, бой калуу. *Мен бир жакка басып кетсем, кокоюп эле экөө отуруп каларын өздөрү ойлошпосо керек* (Убукеев).

**КОКОЙТ** **кокой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОКОЛО** Кекиртектен, кокодон алуу, алкымдоо. *Коколоп жыга турган болду..*

**КОКОЛОЙ: коколой башы** Жалгыз башы, жеке өзү, өзү гана. *Тазабек коколой башы жүргөн молдокенин сазайын окутуп коюшу ыктымал* (Сыдыкбеков). *Андрей же энеден жок, же катын-баладан жок коколой башым калганбы деп да ойлоду* (Сасыкбаев).

**КОКОЛОЙ БАШЫ** *к.* **кара башы.**

**КОКОЛОО** **коколо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОКОЛУУ** Кокосу көрүнүп чыгып турган. *Коколуу кара жигит мойнун созо бергенде, ай далыга басып алдым* («Ала-Тоо»).

**КОКОН** Тыйын. Кокон хандыгынын жыйырма тыйындык баадагы күмүш тыйыны. *Колдорунан кокон келбес бузуктар чечебиз дейт маселесин дубандын* (Токомбаев). *Пейли жаман тууганың, Беш кой кутсөң көрө албайт, Колуңдан малың кеткен соң, Кокон тыйын бере албайт* (Осмонкул).

**КОКОН ПЕШКЕ САЛЫП КОРКУТУУ** *диал.* Курулай эле коркута берүү, опузалай берип бирөөнүн сесин алуу. *Мен анысына жумшарганым жок, Кокон пешке салып коркута бердим* (Жигитов). *Ал Түмөн экөөбүздү тең бак-бак этип тилдеп, Кокон пешке салып коркутуп, Түмөнгө опурулуп тийди* (Жигитов).

**КОКОН ТЫЙЫН ЧЫКПАГАН САРАҢ** Барып турган зыкым, бите карын адам, өтө сараң, куу баш адам деген мааниде. *Өзүнөн кокон тыйын чыкпаган кокуй эле* (Карымбаев).

**КОКОНДУК** Кокон тыйынчалык, кокончолук, коконго татырлык. *Кокондук пайдасы жок.*

**КОКОНЧОЛУК** **кокондук** менен бирдей.

**КОКОНДО** 1. Сорон-сороң этүү, серендөө. *Илгери бир трашманкенин артынан бешалты жарак-жабдыктуу атчандан кокондоп ээрчип алыша турган* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Коржондоп чондугун көрсөтүү, көкүрөгүн көтөрүү, менменсинүү, корчондоо.

**КОКОНДОО** **коконд**о этишинин кыймыл атоочу.

**КОКОНДОТ** **коконд**о этишинин аркылуу мамилеси.

**КОКОС** Пальма түрүнө кирүүчү дарак жана анын мөмөсү.

**КОКОЧО** Абдан кир, кирдеген, таза эмес. *Станцияда кара кокочо болуп топураган жумушчулар* (Сабыкбаев). *Он эки жылга атылбай, Кокочо кара кир болуп, Ичи менен бир болуп* («Семетей»).

**КОКС** Таш көмүрдөн, торфтон ж.б. аба киргизбей кызытуу жолу менен алынган табы күчтүү катуу отун.

**КОКТЕЙЛЬ** Ичкиликтин ар кандай түрүнө (коньяк, ликер, вино) кант жана жыттуу нерселерди аралаштыруу жолу менен жасалган ичимдик.

**КОКТУ** Чоң жылга, эки кырдын ортосу, колот. *Таке менен зоотехник атка минип, кууш коктуну өрдөп баратышты.* («Ала-Тоо»). *Арзыкул коктунун таманында турган кош караанды көрүп шектенди* (Байтемиров). *Дүпүйгөн карагайдын этеги коктуда жайылып жатат* («Ала-Тоо»).

**КОКТУЛУУ** Коктусу бар. *Коктулуу бет.*

*Коктулуу жер.*

**КОКТУЧА** Кичине кокту, кокту сымал. *Коктуча жер.*

**КОКУЙ** 1. Чочуганда, таң калганда, иренжигенде, бир жери катуу ооруп, жаны кейий түшкөндө колдонулат. – *Олда кокуй ай, жаман болду ээ!* (Сыдыкбеков). – *О, кокуй! – деди Амантур санын чаап* (Убукеев). *Кокуй, келип калды беле!* («Чалкан»). 2. Азап, жаманчылык, оорчулук, кырсык маанисинде колдонулат. *Болмок эмес бул кокуй, Озунуп калың жебесең* (Токтогул). *Мен да бир кокуй иш болуп кеткен экен деп чочубадым беле* (Сыдыкбеков). 3. Болбогон, начар деген мааниде айтылат. *Ушу силер да кокуй белемсиңер* (Байтемиров). *Кайраты жок кокуй экенсиңер* (Сасыкбаев). *Колдогону сур жолборс, Бу кокуй өңдүү жан болбос* («Сейтек»).

**КОКУЙ АЛАТТЫ КОШТОТУУ** Катуу өкүрүп, суук кабар билдирүү, үнүнүн барынча жаман кабарды камтыган өкүрүк чыгаруу. *Өзү үңүлдөп тышка чыгып, эшиктин алдына өбөктөп, таяк таянып туруп алып, кокуй алатты коштотуп өкүрүп кирет* (Кыдырмышев).

**КОКУЙ КҮН!** *к.* **каран күн.**

**КОКУЙДУН ҮСТҮНӨ АЛАТ БОЛУУ** Өлгөндүн үстүнө көмгөн болуу, кыйынчылыктын үстүнө дагы кыйынчылык кошулуу. *Кокуйдун үстүнө алат болгон турбайбы деген үндөр чыкты* (Жантөшев).

**КОКУЙЛА** 1. «Кокуй-кокуй!» –деп кыйкыруу. *Шашылып милте коюп жатканымда, Чуу чыкты «кокуйлаган» арт жагымда* (Үмөталиев). *Колу сынып кокуйлап, Боздоп жаткан андан көп* («Эр Табылды»). 2. Жаны кейигенде, түйшүк тартканда «кокуй-кокуй» деп азаптануу, кордук көрүү. *Тиши ооруп, түндөтөн бери кокуйлап жаткан келин бая гана жай алып, уйкуга кетти* («Ала-Тоо»). *Колу сынып кокуйлап, Боздоп жаткан андан көп* («Эр Табылды»). 3. *өт.* Өкүнүү, арманда калуу, кейип-кепчүү. *Кийин-кийин жаштык күндөрүңдү эстеп, алаканыңды шак коюп, кокуйлап каласың* (Бейшеналиев).

**КОКУЙЛАТ кокуйла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОКУЙЛОО кокуйла** этишинин кыймыл атоочу.

**КОКУРАЙ** Кекирейүү, кекейип өзүн көрсөтүү, менменсинүү, көтөрүлүү.

**КОКУС** 1. Байкоосуздан, күтпөгөн жерден. *Кокус демдерин катуу чыгарышса, сөздү жаңылыш угуп калышчудай болушат* (Жантөшев). *Кокус жүрөгүм жарылып кетсе, бүгүн сбордо менин ордумда ким сөз айтат* (Сыдыкбеков). *Кокус жаңылып калбайын, эскертип тур* («Ала-Тоо»). 2. Майып, зыян, кырсык. *Ал киши абышканы бир кокус кыла тургансып келүүдө* (Сасыкбаев). *Колго түшпөс азоону, Кокус кылчу чени бар* (Токомбаев). – *Эч жериңиз кокус болгон жокпу? – деп, Күлжан күлүп койду* (Байтемиров).

**КОКУСТА** Бир жери катуу ооруп же майыптап калуу, кырсыктоо, зыяндоо, жаман ишке дуушар болуу. *Белим кокустап калды.*

**КОКУСТАН** 1. Байкоосуздан, күтпөгөн жерден, мезгилсиз, андоосуздан. *Кокустан тез бурулуп жалт карасам* (Токомбаев). *Кокустан эле чыга калды* («Ала-Тоо»). 2. Бекеринен, курулай. *Секретардын биз менен минтип сүйлөшүп отурушу кокустан эмес* (Жантөшев).

**КОКУСТАТ кокуста** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОКУСТОО кокуста** этишинин кыймыл атоочу.

**КОКУСТУК** 1. Байкоосуздук, күтпөгөндүк, байкабай калгандык. *Бул кокустуктан иштелген иш эмес* (Сыдыкбеков). 2. Кырсык. *Лугачёв экөөңөр бириктешип иштесеңер, мынчалык кокустук болмок эмес* (Сасыкбаев). *Чоно мылтыгын октоп, ар кандай кокустуктарга даяр болуп жүрүүнү ойлоду* (Каимов).

**КОКУСУНАН кокустан** менен бирдей.

**КОЛ I** 1. Адамдын эки ийнинен баштап, манжаларынын учуна чейинки мүчөсү. *Динар колундагы китепти чоң энеге көрсөтүп, силкилдетип койду* (Сыдыкбеков). *Абдылданын сол колу шалкайып калды* (Байтемиров). 2. Малдын алдыңкы буту. *Аттар колдорун солбута тарсылдатып, ташты чапчышат* (Жантөшев). 3. Беш манжа. *Беш кол тең эмес* (макал). *Беш колундай билет.* 4. Кимдир бирөөнүн жазуудагы, тамга тартуудагы өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү. *Кат уулум тарабынан жазылганына көзүм жетти, колунан тааныдым* («Ала-Тоо»). 5. Кандайдыр бир документке, тизмеге, текстке же картинага тиешелүү адамдын өзү тарабынан жазылган фамилиясы, аты-жөнү.

**КОЛ II** Кишилерден турган согуштук күч, аскер, кошуун. *Жарактуу кол куралсын, аба* (Турусбеков). *Тоо жарылып мол келет, Толкуган деңиз кол келет* («Манас»). *Көкдөө келет күүлөнүп, Көп колуна сүйлөнүп* («Эр Табылды»).

**КОЛ III** Дарыя өрөөнү, дарыя нугу, дарыянын куймасы, салаа деген маанилерди берген түшүнүк.

**КОЛ ААРЧЫ** Кол жууганда сүртүнүү үчүн колдонула турган суулук. *Таза кол аарчы. Ак кол аарчы.*

**КОЛ АЛДЫНДА** Бирөөнүн карамагында, бийлигинде, бирөөгө көз каранды. *Алты миң киши кол алдымда иштеп турат* (Жантөшев). *Кол куушуруп көзүн карап тургандай, мен анын кол алдында эмесмин, – деди Култай* (Абдукаримов). **В.: Кол астында.** *Анын*

*кол астында жергиликтүү элден үч киши иштейт* (Сыдыгалиев). *Кайнененин кол астында илбериңки, айтканды бүтүрүп, дегенди орундаткан элпек келин болчу* (Сыдыкбеков).

**КОЛ АРАГА ЖАРОО** Тестиер тартып, майда-чүйдө иштерди аткарууга, кол кабыш кылууга жарап калуу, чоңоюп жеңил-желпи жумуштарды иштей баштоо. *Батийна кол арага жараганы тим эле байбиче болуп калдым, атасы* (Сыдыкбеков). *Балдарынын улуусу тестиер тартып, кол арага жарап калган кези* (Сыдыкбеков). *– Өзүм бейтаптаган кезде булардын кол арага жарап калганын көр* (Осмоналиев).

**КОЛ БАЙЛОО** Жолтоолук, тоскоолдук кылуучу, убактысын алып буйдалтуучу, будоо болуучу. *Көрсө, мен алдына өңөрүлүп, энеме кол байлоо болуп жатыпмын* (Сыдыкбеков). *Жалчылык гана кол байлоо болуп турат* («Ала-Тоо»). *Ээ, дос, ал замандын каары, жакырчылык колду байлабадыбы* (Осмоналиев).

**КОЛ БАЛА** Жашынан, кичинесинен бирөөнүн колунда туруп, өздөй болуп үйрөнүшүп кеткен балага же келинге карата колдонулат. *Жашында жетим калды. Айылдагы динчилге кол бала болуп кат тааныды* (Бейшеналиев). *Апай эненин айдыңында кол баласы катары курсант дооран сүрүүдө* (Бейшеналиев).

**КОЛ БАЛАЛЫК** Баласы сыяктуу, өз баласындай. *Ал Тыныбекти шынаарлап, жеке кол балалык кызматында гана эмес, шакирти катары өнөрүн жугузду* (Бейшеналиев).

**КОЛ БАШЧЫ** Колго, аскер күчтөрүнө, согуш күчтөрүнө жетекчилик кылып башкаруучу.

**КОЛ БАШЫНДАЙ** Кичинекей, чакан. *Кол башындай ак баштык, Ал Төштүккө чак баштык* («Эр Төштүк»).

**КОЛ БЕРҮҮ** 1. Саламдашуу, учурашуу. *Ага кол беришкен таанымал чиновниктер, байбачалар менен туздаш-даамдаш болгон* (Сыдыкбеков). 2. Эшендин жолун жолдоо, баш ийүүгө ниеттенүү, эшендин жолуна түшүү. *Бөтөнчө, ооруп жаткан Сатылган «Ак Эшенге кол берген Шадыбекти митаам дешке болобу», – деп ойлоду* (Токомбаев).

**КОЛ ЖАЗМА** Бирөөнүн, өзүнүн жазгандары, жазган чыгармаларынын басма сөздө же китеп болуп жарыялана элек түп нускасы. *Узаков кол жазманы окуп олтурган экен* (Бейшеналиев). *Мен кол жазмамды акырын алдым да, папкама салып койдум* («Чалкан»).

**КОЛ ЖАЛГОО** Жакын турган, кол жеткен жердеги бир нерсени алып бере коюу. *Кол жалгап, тигини алып берип коюңуз.*

**КОЛ ЖООЛУК** 1. Бет аарчы, жүз аарчы. *Бирасыл үйдө олтуруп кол жоолук жасады* (Каралаев). 2. *өт.* Өз алдынчалыгы жок, бирөөнүн эркине баш ийген, бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган. *Бошкойдой төбөлдөргө жасакерленип, алардын кол жоолугуна айлансам, биз да байыр элек* (Бейшеналиев).

**КОЛ ЖУУП КАЛУУ** Колдо болгон нерсесинен, мал-мүлкүнөн ажырап калуу, эч нерсеси жок калуу, чыгымга учуроо. *Бөлөбала бар чарбасынан кол жууп, ого бетер катаал турмуштун торуна чырмалган* (Осмонкул). *Үч-Булакка айдаган арпадан кол жууп кала бердик* («Чалкан»). *Эл бирин-эки малдан кол жууду, үй-ичин туташ түгөтүштү* (Шүкүрбеков).

**КОЛ ИЙИКТЕЙ** Өтө илбериңки, жеңилжелпи, элпек, тил алчаак. *Кол ийиктей эпилдеген келинине Бурмаш суктана карады: бөшпөйүп, таптатынакай, кечөө чарчаганы билинбей кыргыйдай* (Садыбакасов).

**КОЛ ИЙРИСИНЕ ТАРТУУ** Жакындарына, өз дегендерине, тууган-туушкандарына, жакын санаалаштарына жан тартуу, аларга мурдараак, көбүрөөк, жакшыраагын берүү. *Кол ийрисине тартып кетпес үчүн, текшерүүгө алып туруу керек* («Кыргыз Туусу»). *Сен ошол кедейлердин тобунун башчысы экениңен пайдаланып, кол ийрисине тартат кылып, өзүңө көбүрөөк алып койдуң* (Эшмамбетов).

**КОЛ КАБЫШ КЫЛУУ** Жардамдашуу, көмөк көрсөтүп кошо иштешип берүү. *Жыйым-терим бүтүп, иш сээлдегенден бери Калыйча да кол кабыш кыла баштады* (Саатов). *Жумуштан колу бошой калганда жыгаччылык устаканасына барып, андагы карт жыгаччы Иванга кол кабыш кылыша кетет* (Баялинов). *Кулайым жежекем да кол кабыш кылып алардын жанында* (Сыдыкбеков).

**КОЛ КАЙРУУ** Бирөөлөрдүн урганына чаап жибергенине каршылык көрсөтүү, жооп кылып кайра уруу, кармаша кетүү, кол тийгизүү. *Муратка кол кайтаруу кайда, кол кайырса да Кожомкулга күчү кайдан жетет* (Баялинов). *Мерген жарамсыздыгын билгендиктен эч кол кайырган жок* (Токомбаев). *Бешиктен бели чыкпай жатып кишиге кол кайырат* (Борбиев). *Өчүн ала дем алдырбай койгулап, тигинин кол кайрууга чамасын келтирбеди* (Эсенканов). **В.: Кол кайтаруу.** *Кол кайтарбаган менен каргап-шилөөдөн тартынган жок* («Кыргыз Туусу»). *Мен кол кайтарбайт деп коомай турган Аликти ооз талаштыра коюп жибердим (*«Ала-Тоо»). **Кол көтөрүү.** *Канча кылган менен тартынды окшойт, кол көтөрө алган жок* («Ленинчил жаш»). *Урушканда адегенде эң оболу ким кол көтөрсө, ошол күнөөлүү* («Чалкан»).

**КОЛ КАП** *к.* **мээлей.**

**КОЛ КАРМАШУУ** Биргелешүү, биринбири колдоо, ынтымакташуу, биригүү, кошу-

луу. *Адегенде өзү көрүп, баарлашып, көңүлү табышканына кол кармашат* (Бейшеналиев). *Киришиштик кол кармашып, белди байлап* (Турусбеков).

**КОЛ КЕСЕР** Мал сойгондо малды союп берген адамга эттен берилүүчү бир аз үлүш же жалпы эле бир нерседен ала турган өзүнө тиешелүү энчи. *Кол кесер бар, Кол кесерин алды.*

**КОЛ КОЮУ** 1. Кандайдыр бир документтин, картинанын, белгилүү бир тексттин ж.б. алдына фамилиясын өз колу менен жазып, аны ырастоо, же бир нерсеге макулдугун, бир нерсенин анык туура экендиган билгизүү. *Документтерге кол койду. Өргүүгө чыгуу жөнүндөгү арыздарга кол койду.* 2. Кандайдыр бир иштин, бир нерсенин аткарылышы, бүтүшү жөнүндө бирөөгө карата ишеними артуу, ошол иштин аткарылышына көзү жетүү, ага толук макул болуу. *– Кагылайын Зукешим, сага мен эми кол койдум, ишке жарапсың, – деп, өзүнөн өзү күлүңдөдү* (Баялинов). *Көрсө, касиети артык «машайыкка» айланыпсың. Кол койдум, баатыр акеси. Аман бол* (Бейшеналиев).

**КОЛ КӨТӨРҮҮ** 1. Багынуу, баш ийүү. *Душман кол көтөрүп астыга түштү* (Жантөшев). 2. *к.* **кол кайруу.** *Канча кылган менен тартынды окшойт, кол көтөрө алган жок* («Агым»).

**КОЛ КУДАЙДЫН МӨӨРҮ** Убаданы кол алышып бекемдөө, убаданы бузбоо деген мааниде. *Атам: «Кол – кудайдын мөөрү» дечү, келе колуңду ант бузбаска, – деп ордубуздан тургандан кийин Балкыбек мага ишенбегендей карады* (Мавлянов).

**КОЛ КУРЖУН** Кичине куржун.

**КОЛ КҮРӨШ** *тар.* Жигиттердин күч сынашкан оюну, эки жигит ортосуна такта коюп, мандай-тескей экөө бирдей сыңар тизелеп олтурушат да оң колун бармакташа бекем кармашып ойношот.

**КОЛ КУУШУРУУ** 1. Кечирим суроо, сурануу, алдына түшүү, өтүнүү, өтүнүч кылуу. *Иманахун кол куушуруп, Ражаб менен коштошту* (Абдукаримов). *Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз* (Маликов). *Тебетейимди колтугума кысып, кол куушуруп, мөгдөй ийилип бий алдында мөгдөдүм* (Сыдыкбеков). *Күнөөсүн кечкин, кызым! – деп, кол куушуруп сурады* (Барпы). *Кол куушуруп кудаларың келет, андан көрө ошолорду күт* («Чалкан»). 2. Баш ийүү, багынуу. *Азаматтар эл намысын сактаган, кол куушуруп, бут кучактап жатпаган* (Маликов), *Тоголок Молдо акунума теңелбей, кол куушуруп, жолуна бөгөт болбоюн дегениңби?* (Бейшеналиев).

**КОЛ КҮЧҮ** Кол менен иштелген эмгек, кол эмгеги. *Өлкөбүздө кол күчү азыр жоюлуп, Техниканын бардык күчү жаңырды* (Осмонкул).

**КОЛ КЫСКА** Ойлогон оюн, көздөгөн максатын ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок, жетишсиз, колунда жок. *Кагылайын Батийна, сени кара зоонун астынан суурup алаармын дедим эле. Айлам жок, Кол кыска, өзүм алсыз экемин* (Сыдыкбеков). *Кол кыска. Бирок, экөөбүздүн алма-терме алмашкан өнөр сыйыбыз мансаптуулардыкынан кымбат эмеспи* (Бейшеналиев). *Акыл жетсе, кол кыска, Алдаттым ачуу турмушка* (Сыдыкбеков).

**КОЛ МАЙЛОО** Көрсөткөн жардамы же кандайдыр бир ишти аткарып, бүтүрүп бергендиги үчүн берилүүчү белек, ыраазычылык (мис. баланы отургузууда отургузган адамга арнап берилген белек).

**КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК** 1. Үй тиричиликте байыртан келе жаткан элдик кесип, улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү, калктын тарыхый эстелиги, чеберчилигинин натыйжасы. *Кыргызда кол өнөрчүлүктүн түрлөрүнө оймочулук, саймачылык, зергерчилик (шакек, сөйкө, билерик), жыгаччылык (эмерек, идиш-аяк, токум ж.б.), темирчилик, өрмөчүлүк, бычмачылык, теричилик ж.б. кирет.* 2. Кол эмгегине негизделген майда өндүрүш. *Кыргызстанда кол өнөрчүлүк жакшы өнүккөн.*

**КОЛ САЛУУ** 1. Уурдоо, бүлдүрүү, бирөөнүн же көпчүлүктүн мүлкүн мыйзамсыз өзүнө ыйгарып алуу, уруксатсыз менчиктеп алуу. *Ачкадан өлсөм өлөм, бирок бирөөнүн ак эмгегине кол салбаймын* (Байтемиров). *Менин малыма кол салып, семиздеп сойгонду ким коюптур аларга* (Бейшеналиев). *Ортоктун малына кол салып, мен жинди болуптурмунбу?* (Бейшеналиев). 2. Бирөөгө тийишүү, колу тийүү, уруу. *Тоймат хулиганды карыдан алып, бой тиреше кеткен ага артынан жетип кол салды* (Өмүрбаев). *Шымаланган жигиттер ыкыс берип, Зууракантa кол салганы араң турушат* (Сыдыкбеков). 3. Согуш ачуу, уруш баштоо, басып кирүү. *Камап турган бул жоого качырып кол салабыз* (Турусбеков). *Атаман Дутовдун армиясы Кокон, Маргалаңга кол салат экен деген айың тарады* (Сасыкбаев). *Башчыңа колум саламын бурут, Малыңды талап аламын бурут* («Манас»). **В.: Тиш салуу.** *Ач карышкыр кишиге тиш салат.*

**КОЛ СУНУУ** Көздөгөн максатка, ойлогон ойго жетүүгө умтулуу, аракет кылуу, далалаттануу. *Балам, болбос ишке бекер кол сунба, – деди* («Ала-Тоо»). *Пайдаланып алтын жаштан, Кол сунгула жылдызга* (Токомбаев). *Кол сунам сендей селкиге* («Чалкан»). *Пайдаланып алтын жаштан, Кол сунгула жылдызга* (Токомбаев).

**КОЛ ТАЛАШУУ** Өтө көп болуп жетилип туруу, алууга же жыйноого даяр болуу, көп күч талап кылуу, кол жетишпөө. *Болумдуу гозолордун арасындагы булайган пахталар*

*кол талашат* («Ала-Тоо»).

**КОЛ ТИЙГИЗҮҮ** 1. Кандайдыр бир ишти аткарууга, иштөөгө бир аз катышкан болуу, көмөктөшүү. *Акман талаа жумуштарына да кол тийгизишет* (Сыдыкбеков). *Ага чоң да, кичине да кол тийгизип иштеп жатышат* (Сыдыкбеков). – *Айтпадымбы. Сырткы, ички көр оокатка колуңду тийгизбе. Өзүм тейлейм* (Бейшеналиев). 2. Бирөөнү чаап жиберүү, уруп же муштап ийүү. *Саадатка сөз эмес кол тийгизе турган болуп жүрүп, акыры иштин акыйкатына көзү жеткен Муса Саадаттын бутуна жыгылып, кечирим сурады* (Абдукаимов).

**КОЛ УЧУНА ТИЙБӨӨ** *к.* **колу колуна жукпоо.**

**КОЛ ҮЗҮҮ** 1. Байланышпай, барышып-келишпей, катышпай, катташпай калуу, байланышы болбой калуу. *Катышып кол үзбөй турганыбыз да дурус* (Бейшеналиев). *Атай Маматтан кол үзөйүн десе, Седеп менен жолугушууга мүмкүндүк берген ушул үй гана* (Каимов). *Мен да сага ошондон кол үз деп айтканы жаткам.* (Саатов). 2. Бир нерседен ажыроо, айрылуу, такыр кол жууп калуу, жок болуу. *Биз биртике эле көзүбүз мындай боло калса, жылкылардан кол үзүп кала турганбыз* (Баялинов). *Врачтар болбогондо жаштайынан жарыкчылыктан кол үзмөк* («Ден соолук»)

**КОЛ ЧАТЫР** Жыйылып-жазыла турган бөлүгү кездеме менен капталып сабынын баш жагына орнотулган, жаандан, күндөн сактануу үчүн колдонулуучу калканч. *Кыз үйгө кирип, чемоданы менен кол чатырын үйгө койду* (Сыдыкбеков).

**КОЛ ШИЛТӨӨ** 1. Колу менен белги берүү. *Жолдошу акырын кол шилтеп койду* («Бишкек шамы»). 2. Эч нерсеге карабай, бардыгын таштап салуу, мейли кереги жок деп коюу, бардыгына көз жумуу. *Сабира бул өңдүү ойлорго көп баткан сайын, акыры баарына кол шилтеп баса берди* (Абдукаримов). *Акыры баарына колун шилтеп көз жумдуга салды* (Абдукаимов).

**КОЛБООР** *аңч.* Төрт тарабы туюк, көздөрү карыш, бүркүт кармоо үчүн түйүлгөн чоң тор. *Колбоору бар белинде, Көпчүлүгү булардын* («Эл адабияты»).

**КОЛГО АЛУУ** 1. Ишти же башка нерсени жөнгө салуу, жакшыртуу аракетинде болуу, өйдөлөтүүгө, ондоого катуу аракеттенүү, белсенип киришүү. *Өзүң жакшылап колго алсаң, бат эле адам болуп кетет күйөөң* (Сыдыкбеков). *Чарба төмөндөп кетти, колго албасак болбойт* («Чалкан»). 2. Бирөөнү өз тарабына тартуу, өзүнүн айткандегенинен чыкпай тургандай кылып, аны менен мамиле түзүп, муютуп коюу, өз кишиси кылып алуу. *Курманбекти колго алсаң, Анан жоону жеңесиң* («Курманбек»). *Шаймердендер ошол Качыкени колго алууну ылайык көрүшкөн* (Сыдыкбеков). *Обулуста чоң кызматта иштеген тааныштарды колго алып, өзүнө жакын кедейлердин уулун кызматка көтөрүү максатын көздөдү* (Каимов). *Айтор, эртеңки күн өздөрү үчүн кандай болорун бүрүл баамдаган өкмөттүн жаш өкүлүн жакшылап колго алып коёлу деген ойдо Качыкенин ич-койнуна кириши* (Сыдыкбеков).

**КОЛГО ИЛИНҮҮ** Колго урунуу, колго тийүү. *Колго илингенин алып жөнөй бердик, аны тандап отурганга убакыт кайда* («Агым»). *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов).

**КОЛГО КАРГА ЧЫЧАР** Дайыма эле жок бойдон турбас, жетишпеген, жоксуз абал оңолуп, жетишип кетер, бир жакшылык болор деген сыяктуу тилек кылуу маанисинде колдонулат. *Биздин колго да карга чычар.*

**КОЛГО КАРОО** 1. Материалдык жактан бирөөгө көз каранды болуу. *Жарды тууган-дарым минтип, колго карап отурат, Биздин деле алыбыз чак* («Ала-Тоо»). 2. Жайылып оттой албай, колдон жем-чөп жеп, колго багылып калуу (малга карата). *Топоз кышында башка малдай колго карабайт* (Абдукаримов). **В.: Колду кароо.** *Ырысы жок жетимдер да биздин колду карап отурат* (Элебаев). *Жер ала-телек болуп, мал анча колду карабай калды* (Абдыраманов).

**КОЛГО КӨТӨРҮҮ** *к.* **төбөгө көтөрүү.**

**КОЛГО САЛУУ** Көпчүлүктүн кароосуна, пикирине, талкуусуна коюу, добушка коюу. *А дегенде ачык колго салууну чечишти* («Кыргыз Туусу»).

**КОЛГО ТҮШҮҮ** 1. Уурулугу, кылмышы ж.б. билинип кармалып калуу. *Сак бол, колго түшүп калба!* 2. Туткун болуу, камалуу. *Калпа ажы колго түштү, кечээ түнү жыйырма беш аскер келип алып кетти. Байбичесин кайра курткага көчүргөнү келдим* (Бейшеналиев). 3. *өт.* Мурда тоотпой, теңсинбей жүргөн адамдын капыстан эле баш ийип, багынып, жасакерленип калуусу. **В.: Колуна түшүү.** *Эгер Ташматтын колуна түшсөм мени сабабай коёбу* (Садыбакасов).

**КОЛДОЙ** Калбыюу, долдоюу, эби-сыны жок колжоюп көрүнүү. *Кабылдын буту колдоюп тоңуп калган* (Элебаев).

**КОЛДОЙТ** **колдой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛДОН** 1. Кандайдыр бир ишти аткарууга пайдалануу, жумшоо, ошол аркылуу аракет кылуу, иштөө. *Курал колдонгонго уруксат жок. Күрөшүүнүн жаңы ыктарын колдонуп, техникасын арттыруу.* 2. Жетекчиликке алуу, колдонмо катары пайдалануу. *Жаңынын салтын колдонуп, Жоготтуң эски жорукту* (Бөкөнбаев).

**КОЛДОН АЛДЫРУУ** *к.* **намысын колдон алдыруу.**

**КОЛДОН АЛУУ** *к.* **жүгүн колдон алуу.**

**КОЛДОН КЕЛЕТ** Иштөөгө, аткарууга болот, жеңил, оңой. *Талап кылса, колдон келбей турган деле иш эмес, колдон келет* (Кыдырмышев).

**КОЛДОН КЕЛЕТ КЫЛУУ** Мансабына, күчүнө таянып өз билгендей иштете берүү, эркине койбоо, үстөмдүк кылуу. *Бир атанын тукумдары жесир-жетим деп, бизди колдон келет кылгыңар бар экен го?!* (Сыдыкбеков). **В.: Колдон келди кылуу.** *Ал мени колдон келди кыла албайт. Ал сени колдон келди кыла берет* («Ала-Тоо»).

**КОЛДОН МАЙ АГУУ** *к.* **салаасынан май агуу.**

**КОЛДОН СУУРУЛГАН** Ар нерсеге эпчил, өтө тың, чыйрак, шайдоот. *Ошо кезде колдон суурулган шылуун ырчы, чоорчу Адылдын жээни Болот деген жигит таежеси Мөөргө сырдаш өсөт* (Бейшеналиев). *Колдон суурулган эптүү, амал-айлалуу Баракан жаңы өкмөткө ак дили менен кызмат өтөгөн адам болуп көрүндү* (Сыдыкбеков). *Өзү колдон суурулган эпчил, ат үстүнөн үч адамга алдырбас камбыл жигит* («Ала-Тоо»). **В.: Колдон түшкөн.** – *Ай таң. Бала чагында эле куулдак эле. Колдон түшкөн берен болуптур* (Бейшеналиев).

**КОЛДОН ТАЛАШУУ** Күч алуу, абдан күчөп туруу же өтө кызыган, абдан жандуу абалда болуу. *Карышкыр колдон талашып турганда өтө сак болбосо кыйын* (Жантөшев). *Ормуш өзү баштап ушинтип жатканда, башкалар кантип карап турсун. Колдон талашып иштешпейби* (Байтемиров).

**КОЛДОН ТҮШҮҮ** Абдан бечара, мусапырдай көрүнүү, өлжүрөгөн көрүнүштө болуу. *Карасаң, бир заматта колдон түшүп калат* («Ала-Тоо»).

**КОЛДОН ЧЫГАРУУ** 1. Бүтүрүү, бир жаңсыл кылуу, акырына чыгуу. *Ишти биротоло колдон чыгардык* («Агым»). 2. Ажырап калуу, кол үзүү. *Кайран кишини бекер колдон чыгардым* («Чалкан»). *Жакшы бүлөнү бекер колдон чыгардык* («Ала-Тоо»).

**КОЛДОНМО** Көрсөтмө, колдонуу үчүн чыгарылган атайын эреже.

**КОЛДОНТ** **колдон** этишинин аркылуу, мамилеси.

**КОЛДОНУЛ** **колдон** этишинин туюк мамилеси.

**КОЛДОНУУ** **колдон** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛДОНДО** Эби-сыны жок кыймыл жасоо, долдоң-долдоң этүү. *Козубекти көргөндө Колдоңдогон деп койду* («Манас»).

**КОЛДОНДОТ** **колдоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛДОО** **колдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛДООЧУ** 1. Колдой турган, жөлөп-таяган, жактаган, жардам кылган, болуша турган. *Атаң Манас артык шер, Кулунум, колдоочу жери ошол жер* («Манас»). *Мени колдоочу адам ошол жалгыз таякем эле* («Ала-Тоо»). 2. **тотем** менен бирдей.

**КОЛДОШ** 1. **колдо** этишинин кош мамилеси. 2. Бир нерсени (мис. капты) кол менен алууга, көтөрүүгө жардамдашуу, кошо көтөрүшүү. *Мына бу эгинди колдошо койчу, балам. Өгүзгө арта салып, жөнөп кетели* («Ала-Тоо»). *Эки бала чаканы колдошуп, суу алып келе жатышты* («Адабий Ала-Тоо»).

**КОЛДОЮУ** **колдой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛДУН КИРИНДЕЙ** Бат эле жок болуп, түгөнүп кала турган, тез жоголуп кетме, түбөлүктүү эмес. *Курган мал колдун кириндей беле? Ушинтип бир күндө кедей болуп калабы, кудай* (Сыдыкбеков). *Дүйнө, жашоо дегендин өзү колдун кириндей нерсеби?* (Садыбакасов).

**КОЛДУН КЫЧУУСУН КАНДЫРУУ** Өзү ыраазы болуп, моокуму канганча (кумардан чыга) былчылдата муштоо, уруу, сабоо. *Колдун кычуусу кангыча былчылдатышса керек, бети билинбейт* («Ала-Тоо»). *Жаакка бир тартып жибердим эле, колдун кычуусу кана түштү* («Ала-Тоо»).

**КОЛДУР** Жоон, ачык эмес чыккан үнгө карата айтылат. *Мансур жоон үнүн колдур эткизип, кең далысын күйшөп койду* (Сасыкбаев).

**КОЛДУРА** Колдур-колдур эткен доош чыгаруу, үнү жоон чыгуу. *Суук тийгенби, чоочун болуп колдурайт, Буралбаган патефондун үнүндөй* (Токомбаев).

**КОЛДУРАТ** **колдура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛДУРОО** **колдура этишинин** кыймыл атоочу.

**КОЛДУУ** Колу көп, аскерлүү, кошундуу. *Сан колдуу душманга бет алып чыгар азаматтар.*

**КОЛДУУ БОЛУУ** Өз ажалынан эмес, кандайдыр бирөөлөр тарабынан, бирөөлөр аркылуу атайылап өлтүрүлүү деген мааниде колдонулат. *Билбейм, айтор, апамды атам колдуу болгон дешип атышат* (Саатов). *Эгер алар Таштанбектин ким колдуу болгонун ачык билишкен болсо, анын үйүн өрттөп жибермек* (Саатов).

**КОЛЕК** Дубал куруу үчүн ылайдан кол менен тоголоктолуп жасалган кесек. *Ар кайсы жерде чочойгон Колектен салган там эле* (Осмонкул). *Муну көрүп, Кылычбек эл чогулуп, колхоз уюшулгандан кийин курулдөп кой ферма болуп турганын, өзү бир колек ылай урбай, бу бастырманы ошондо киши жалдап салдырганын, алдыртан жепичип, андан артканына жыйырма чакты жандык курап алганын эстейт* (Жакыпбеков).

**КОЛЕКТЕ** Колек менен куруу, колектер-

ден тизип тургузуу (мис. тамды, дубалды). *Колектеп жасалган жалгыз там – Бердиники* (Жантөшев).

**КОЛЕКТЕТ** **колекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛЕКТӨӨ** **колекте** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЕНКОР** Китепке же башка бир нерсеге тыш кылуу үчүн пахтадан жасалган бир өңчөй түстүү материал.

**КОЛЖОЙ** Коошпогон, эби-сыны жок көрүнүштө болуу. *Колжойгон бир байкуш экенсиң, сенден башка неме болсо, эмгиче жеңекелеп ичи-койнуна кирип, тилин таап коёт эле* («Ала-Тоо»).

**КОЛЖОҢДО** Колжойгон, эби-сыны жок кишинин кыймыл-аракетине карата айтылат.

**КОЛЖОҢДОО** **колжоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЖОҢДОТ** **колжоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛЖОЮУ** **колжой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛКО I** Кекиртектин алкым жакка жоон бөлүгү. *Булкуша кетсе жолборсу, Заманасын куурайын, Колкосун тиштеп суурайын* («Эр Төштүк»). *Адамзаттын жан боору – эт жүрөк, жай алары – өпкө, колко, көкүрөк* (Акаев).

**КОЛКО II** Бирөөнүн бергенине, кылган жакшылыгына, көрсөткөн жардамына карата белгиленген сый, акы. *Колкосуна аларын, Билип кел деп жиберди* («Семетей»). *Колкосуна чыдасаң берейин* («Чалкан»).

**КОЛКО КЫЛУУ** Милдет кылуу, догурунуу. *Болгону эки саат менин төркүнүмдү күткөнүңдү колко кылайын деп турасыңбы?* («Кыргызстан маданияты»).

**КОЛКОЛО I** Колкодон алуу, колкодон кармоо.

**КОЛКОЛО II** Колко кылуу, колкосу үчүн бир нерсе үмтөтүү, бир нерсе алгысы келүү. *Бул ишиң үчүн колколой турган жөнүң бар* («Чалкан»).

**КОЛКОЛУУ** Колкосуна бирдеме берем деген убадасы бар, куру эмес. *Мен ал кылганыңа колколуумун.*

**КОЛКОМДУ ЧАБАЙЫН** Көбүнчө балдарга жалынып-жалбаруу иретинде колдонулат. *Колкомду чабайын, уктай гой, чарчадың го?* («Аалам»).

**КОЛКУЛДА** Колк-колк этип, кенен, бош болуу (мис. өтүк, чокой). *Өтүгүм колкулдап, бутума кенен келип калды.*

**КОЛКУЛДАТ** **колкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛКУЛДОО** **колкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЛЕГА** Кесиби, кылган иши, окуусу ж.б. жагынан жолдош болгон, бирге жүргөн адам.

**КОЛЛЕГИАЛДУУЛУК** Адамдардын тобу (коллегия) тарабынан иштин талкууланышы жана чечилиши.

**КОЛЛЕГИЯ** Белгилүү бир мекеменин тийиштүү кызматкерлеринен бириккен административдик, буйрук же кеңеш берүүчүлүк органын түзүүчү топ. *Министирликтин коллегиясы. Редакциянын коллегиясы. Адвокаттар коллегиясы.*

**КОЛЛЕГИЯЛУУ** Коллегия тарабынан чечилген, коллегияга салып талкуулаган, анын кароосунан өткөн.

**КОЛЛЕДЖ** Жогорку же орто окуу жайы.

**КОЛЛЕКТИВ** Иши жана жалпы кызыкчылыгы боюнча биргелешкен, бир мекемеде, бир окуу жайында ж.б. чогуу иштеп, окуп жүргөн адамдар тобу, жамаат. *Завод коллективи да өзүнчө үй-бүлө сыяктуу* (Сасыкбаев).

**КОЛЛЕКТИВДЕШ** Коллективдүү чарбага биригүү, биргелешүү, жамааттaшуу.

**КОЛЛЕКТИВДЕШТИР** **коллективдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛЛЕКТИВДЕШҮҮ** **коллективдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЛЕКТИВДҮҮ** Коллективге негизделген, жеке адамга эмес, жалпы коллективге таандык болгон, коллектив катышкан. *Коллективдүү чарба. Коллективдүү эмгек. Коллективдүү жетекчилик.*

**КОЛЛЕКТИВИЗАЦИЯ** Майда дыйкан чарбасынын коллективдешкен ири чарбага, биригиши.

**КОЛЛЕКТОР** Бир нерсени чогултуу жана бөлүштүрүү боюнча иш жүргүзүүчү мекеме. *Китепканалык коллектор.*

**КОЛЛЕКЦИОНЕР** Коллекция чогултуучу, жыюучу адам.

**КОЛЛЕКЦИЯ** Бир өңчөй нерселердин белгилүү системага келтирилген жыйындысы. *Минералдар коллекциясы. Маркалар коллециясы. Эски тыйындар коллекциясы.*

**КОЛЛЕКЦИЯЛА** Коллекция жыйноо, бир нерсени коллекцияга келтирип, системага салып чогултуу ишин жүргүзүү.

**КОЛЛЕКЦИЯЛОО** **коллекцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЛИЗИЯ** 1. Карама-каршы көз караштардын, умтулуулардын, кызыгуулардын кагылышы. 2. Көркөм чыгармадагы турмуштук конфликттердин жана күрөштүн сүрөттөлүшү.

**КОЛЛОКВИУМ** Билим деңгээлин аныктоо жана көтөрүү үчүн мугалимдин студенттер менен жекеме-жеке аңгемелешүүсү, сынактын бир түрү.

**КОЛМО-КОЛ** Колдон колго, накта, эки тараптын бирөөнөн экинчи бирөөнө. *Колмо-кол өткөрүп берүү. Колмо-кол алышып, колмо-кол беришүү.*

**КОЛО I** Дөңгөч, бир кетим карагай. *Колодой болгон мойнуна, Колун салып бурады*

(«Эл адабияты»). *Көчөнүн боюнда кыйылып жаткан бир коло терекке минип-түшүп, төрт бала ойноп турушкан эле* (Сыдыкбеков). *Мал сарайдын тегереги коло-коло карагайга шыгырайт* («Эркин-Тоо»).

**КОЛО II** Жездин калай, коргошун же башка металл кошулуп эритилген түрү. *Колодон куюлган бюст. Ашырдын булчуңдары кара күрөң коло түстөнөт* (Сасыкбаев).

**КОЛО III** Коркуу, коркунучта болуу, коркуп качуу. *Бүлдүрүп сайып киргенде, Бүтүндөй калмак колоду* («Эр Табылды»). *Колоп калды деп баргын, Кошой баштык карысын, Байлап алды деп баргын* («Манас»).

**КОЛО ДООРУ** Тарыхый-маданий мезгил б.з.ч. 4млн. жылдыктын аягы. *Коло доорунда 1 миң жылдыктын башында коло иштетүү, колодон эмгек куралдарын жана курал-жарактарын жасоо негизги орунду ээлеген.*

**КОЛОГОЙ** Колдогой, эби-сыны жок, олдоксон. *Бурул ушул эби-сыны жок кологой баланын мүнөзүнө жана олдоксон сүйлөгөнүнө кызыгуучу* (Каимов).

**КОЛОЙ** Колдоюп зор көрүнүү, бөлүнүп чыгып туруу. *Комокойлуу сыр найза, Колоюп колдон бөлүндү* («Сейтек»).

**КОЛОЙТ колой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛОК I** *эск.* Жаанын огу. *Колок атып, жаа тартса, Аялда мындай баатыр жок* (Тоголок Молдо).

**КОЛОК II: колок-колок этүү** 1. Эби-сыны жок, олдоксон жүрүү, кыймыл-аракети, баскан-турганы олдоксон, колдогой болуу. 2. Бош, бекер жүрүү, иш кылбоо.

**КОЛОКОЙ: көкө колокой** *диал.* Эмгектенүүнү да, тамак жегенди да сүйгөн адам.

**КОЛОКТО** Колок-колок этип бош жүрүү, иш кылбоо, бекер жүрүү. *Жайды жайлай колоктоп үйдө жүрбөдүңбү, эмне иш бүтүрдүң?* («Чалкан»).

**КОЛОКТОО колокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛОКТОТ колокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛОЛО** Нерсенин бетин, сыртын коло менен кооздоо, чайкоо. *Кололоғон кумган.*

**КОЛОЛОО кололо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛОЛОТ кололо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛОЛУУ** Коло менен капталган, коло менен кооздолгон. *Кололуу кумган колго алып* («Саринжи-Бөкөй»).

**КОЛОМОЧ** Курал кармоо үчүн карууга чейин жыланачталган кол.

**КОЛОМОЧТО** Күрөшүү, кармашуу же кандайдыр бир ишке киришүү алдында колдоорун жеңинен бошотуп, шымаланып даярдануу, оңтойлонуу. *Эки колун коломочтоп, эки этегин түрүнүп* («Ала-Тоо»).

**КОЛОМОЧТОН коломочто** этишинин өздүк мамилеси. *Коломочтонуп түрүнүп, комузун алып ырдай баштады* («Ала-Тоо»).

**КОЛОМОЧТОО коломочто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛОМОЧТУУ** Курал кармаган колдуу, куралчан. *Коломочтуу кол алып, Жоого каршы жасанды* (Эл ырлары).

**КОЛОМСОК** 1. Калың булгаарыдан, же төөнүн терисинен түбү куушураак, ооз жагы кең кылып жасалган, ичи көндөй жаанын огун салуучу куту – баштыкча. Коломсок көбүнчө жебенин кабы деген мааниде кеңири колдонулган. *Коломсокко кол салып* («Манас» С.О.). 2. **саадак** менен бирдей.

**КОЛОМТО** Боз үйдүн от жагылып, казан асыла турган жери. *Көп бүлө бир үйдө коломтону тегеректеп отурабыз* (Элебаев). *Коломтодо от дуулдап, боз үйдөгүлөр жадырап отурушкан* («Ала-Тоо»).

**КОЛОМТО ЫРЧЫ** Атагы көп анча алыска кетпей, майда-барат жыйын, топтордо ырдап жүргөн ырчы, кол ырчы. *Бошкой эшик ырчысы, коломто ырчысы катары унутулар* (Бейшеналиев).

**КОЛОМТОСУН СЫЙПАЛАТУУ** Таптырбай кетүү, куйрук түйүү. – *Урушта туруш жок, токтоосуз көчөлү, Молдоке, Жалийге коломтоңузду сыйпалаталы, жер чапчып калсын, – деди Кашгари* (Бейшеналиев).

**КОЛОНИАЛИЗМ** Бир өлкөнү экинчи бир өлкөгө саясий жана экономикалык жактан толук баш ийдирүү, экономикалык жактан начар өнүккөн өлкөнү империалисттик державалар тарабынан колонияга айландыруу саясаты.

**КОЛОНИЗАТОР** Колониядагы эмгекчи массаны эзүүчү, кул кылуучу жана алардын жериндеги бардык байлыкты күч менен ээлеп алуучу жана ушундай үстөмдүгү бар ээлөөчү.

**КОЛОНИЗАЦИЯ** 1. Башка бирөөнүн жерин, элин басып алуу, аны зордук менен колонияга айландыруу. 2. Өз жеринен тышкары жактагы бош жерлерге көчүп барып орношуучулук, колонисттерди орноштуруу, орду-ордуна жайгаштыруу иши.

**КОЛОНИСТ** Колониянын мүчөсү, анда жашаган адам.

**КОЛОНИЯ** 1. Күч менен, зордук-зомбулук менен басылып алынган жана ээленген өлкө. *Империалисттик мамлекеттердин колониялары.* 2. Башка өлкөдөн же областтан көчүп келип, белгилүү бир мамлекеттин же областтын территориясына орношкон калктын ошол аймактагы турагы, жашаган кыштактары. *Немецтердин падышалык Россиянын жериндеги колониялары, Кара деңиз жээктериндеги байыркы гректердин колониялары.* 3. Түрдүү максаттарга ылайык атайын жайгаштырылган адамдардын тобу туруучу жай, турак. *Кылмышкерлер-*

*дин колониясы. Балдар колониясы.*

**КОЛОНИЯЛЫК колония** дегенге таандык. *Колониялык абалдан чыгуу. Колониялык өлкөлөр.*

**КОЛОННА** 1. Имараттардын таштан, бетондон ж.б. материалдардан жасалган бийик тирөөчтөрү. 2. Кандайдыр бир тарыхый окуянын салтанаты үчүн мамыча түрүндө тургузулган эстелик. 3. Адамдардын же башка нерселердин бир нече катардан турган жана биринин артынан бири тизилип чубаган узун тизмеги. *Атчандар колоннасы. Аскерлер колоннасы. Танкалар колоннасы.*

**КОЛОҢДО колокто** менен бирдей.

**КОЛОҢСО** 1. Колтук терисинин конурсуган жыты. 2. Аттын эки алдыңкы бутунун тизеден өйдөрөөк жериндеги (ички тарабындагы) бармак басымдай карты. *Кар аттын колоңсосунан жаады.*

**КОЛОҢСОЛУУ** Колоңсосу бар.

**КОЛОО** Далыга доо кетүүдөн улам пайда болгон эки алдыңкы буттун аксагы (жылкыга карата).

**КОЛОРИТ** 1. Картинанын, түстүү гравюранын, фресканын ж.б. белгилүү бирдигин көрсөтүүчү боёктордун, түстөрдүн төп келиши, айкалышы. 2. *өт.* Бир нерсенин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн жалпы жыйындысы, негизги белгилерин көрсөткөн касиеттери.

**КОЛОТ I** Эки жагы көтөрүңкү, бийик келген узун кокту, сай. *Айыл отурган колоттун ортосундагы сазды шылдыраган булак суусу жарып өтөт* (Каимов). *Колоттун бардыгын жөө туман каптаган* (Жантөшев).

**КОЛОТ II коло III** этишинин аркылуу мамилеси. *Туулгасы болоттон, Душманды минтип колоткон* («Манас»).

**КОЛОЮУ колой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛПОҢДО** Эби жок, кыймыл-аракети олдоксон, копол адамга карата айтылат.

**КОЛПОЧ: козу-колпоч** Козулар, козу сыяктуу майда жандыктар.

**КОЛТОЙ** Жоон, чоң болуп көрүнүү, көлөмдүү, зор сезилүү. *Колтойгон чоң камчыны колго алышып* (Маликов). *Колтойгон чоң ашкабактары сайдын ташындай* («Чалкан»).

**КОЛТОЙТ колтой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛТОҢДО** Колтойгон жоон, чоң кишинин же жаныбардын кыймыл-аракетине басканына, жүгүргөнүнө ж.б. карата айтылат. *Колтоңдоп жүгүрүп баратканын көр* («Ала-Тоо»).

**КОЛТОҢДОО колтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛТОҢДОТ колтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛТОЮУ колтой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛТУГУНА КИРҮҮ** Эпилдеп-жепилдеп бирөөгө жалынып, ишенимге өтүүгө, өз кишисиндей болуп жакындашып, аралашып кетүүгө аракеттенүү. *Курманбай мен жокто таенемдин колтугуна кирип алып, жамандай берчү* (Элебаев). **В.: Коюн-колтугуна кирүү.** *Салийма эбиреп-жебиреп, Мария Петрованын коюн-колтугуна кирип кетти* (Абдукаимов). *Бошкой ырчы Мусакожо чоң болуштун укум-тукумунан бери мактап, коюн-колтугуна кирген* (Бейшеналиев).

**КОЛТУГУНА СУУ БҮРКҮҮ** Бирөөгө каршы көкүтүү, астыртан тукуруп, шилтеп коюу. *Караңгы кишилерди көкүтүп, колтугуна суу бүркөт* (Бектенов). *Момундардын колтугуна суу бүркүп, Самсахунга карай бет алдырууда* (Жантөшев). *Анын колтугуна суу бүркүп, мага аябай тукуруптур* («Чалкан»).

**КОЛТУК** 1. Колдун ийин менен туташкан жеринин ички бети, капталдын үстүнкү бөлүгү. *Атам Бердикени колтугунан сүйөп, өзү атказды* (Касымбеков). *Медет кудуңдап, китепти колтугуна кысты* (Каимов). 2. *өт.* Кысык, бурч, түп. *Ошол Үч-Таштын чыгыш жаккы колтугундагы ашууну ары ашса, аркы бети – Ат-Башы* (Жантөшев). *Паровоз бийик жылганын колтугуна кирип токтоду* (Сасыкбаев).

**КОЛТУК АЧУУ** Душманга ички сырды билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү, чыккынчылык кылуу, ичинен орун берүү. *Намысы болсо жигиттин, жоого колтук ачабы?* («Семетей»). *Ким болсо да душманга колтук ачса, чоңойткон жердин тузуна кара санаса, тагдыры так ушундай болот* (Борбугулов). *Келдибек уулуна колтук ачып, жасакерленип жүргөндөр да бар экен* (Бейшеналиев). *Менден бири качпаган, Душманга колтук ачпаган* (Токомбаев). *Дос бололу, Кожокан, Душманга колтук ачпаска* (Осмонкул).

**КОЛТУК КАГУУ** Ысык эле жаны туруу, араң жан, өтө начар абалда болуу. *Колтук кагып араң жан* («Манас»). *Оорулуунун абалы өтө кыйын, колтук кагып калыптыр* («Ден соолук»). *Колтук кагып араң жан* («Манас»).

**КОЛТУКТА** 1. Колтугунан алып сүйөө, жөлөө, колтугуна кысуу. *Сүйгөн кызын колтуктап көчөдө баскан жигиттер* («Чалкан»). *Түнкатарды колтуктап, аттан түшүрдү* (Жантөшев). 2. Колтукка бир нерсени кысып алуу, кучактоо. *Сыланов чоң портфелин колтуктап, машинадан секин гана түштү* (Каимов). *Ышкынын терип колтуктап, Ырдашчу элек Көк-Белде* («Ала-Тоо»).

**КОЛТУКТАТ колтукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛТУКТАШ колтукта** этишинин кош мамилеси.

**КОЛТУКТОО колтукта** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛТУРМАЧ** Балдар ээринин, айырмачтын эки капталына бекитилген жөлөнгүч жыгач.

**КОЛУ АЧЫК** Берешен, март, эч нерсени аябаган, аёону билбеген, жоомарт. *Маматтын колу ачык, кең пейил экендиги айылга билинди* (Каимов). *Ары сөзмөр, ары алышберишке колу ачык, шайыр адам эле* (Сыдыкбеков). *Мандикерлер көбүнчө колу ачык, эмгекти баалай турган кожоюндарды издейт* (Абдукаримов).

**КОЛУ АШКА ЖЕТПӨӨ** Турмуш-тиричилик жагынан абдан начар, жетишсиз абалда болуу. *Колу ашка жетпей, жер тырмалап, саан саап жан баккан момун элди ок, ажал менен коркутуп отуруп каптап кирди* (Бейшеналиев). *Өмүр бою этегиң тизеңе жетпей, колуң ашка жетпей куурап жүрүп өт, – деди Арзыкул Жылдызканга* (Байтемиров).

**КОЛУ БАЙЛАНУУ** Колу бошобоо, бир нерсени аткарууга мүмкүнчүлүгү болбоо, өз билгенин жасоого эрки боло албоо. *Эңкейген кары, эмгектеген жаш дегендей азыр менде мүмкүнчүлүк жок. Колум байлануу* («Ала-Тоо»). *Мен каалаганымды иштей албайм. Колум байлануу* (Каимов). **В.: Колу-жолу байлануу.** *Менин колу-жолум байлануу. Күн-түн дебей, ата, энем кайтарууга алды* (Жантөшев).

**КОЛУ БАРБОО** 1. Бирөөгө кол салууга, уруп же чаап жиберүүгө батына албоо, тарткынчыктоо (көбүнчө улуу кишилерге же алсыздарга карата ыйбаа кылуу, аёо маанисинде). *Канча кылган менен анын сакалын сыйлады го, ага теңелип кармаша кетүүгө колу барбады* («Адабий гезит»). 2. Кандайдыр бир нерсени иштөөгө, аткарууга чечкиндүүлүк кыла албоо, даай албоо. *Ошол аялдан келген катты ачууга колу барбай турду* (Абдукаримов).

**КОЛУ БИЛЕТ** Өзү билет, өзү билип, өзү башкарат, кандай кааласа, ошондой иштейт. *Коёнбайдын колу билет* (макал). *Зулумдардын колу билет. Кандай жаза буюрам десе өз эрки* (Бейшеналиев).

**КОЛУ БОШОО** Бош учуру, мүмкүнчүлүгү, убактысы болуу. *Колу бошой калганда энеси тээкке керип көрсөтүп берген сайманы саят* (Сыдыкбеков). *Үй турмушка бышык Сабира колу бошогон учурда энесине каралашып турду* (Сасыкбаев).

**КОЛУ ЖЕҢИЛ** 1. Колуна алган иши бат бүтөт же тез өтөт деген мааниде. *Мал мууздаганда жаны көпкө чыкпай турган. Колуң жеңил го, балам, кенедей козу эмгиче эле тыбырап жатат.* 2. Дарылоо, эмдеп-домдөө, аялдардын төрөтүн кабыл алуу сыяктуу иштери жолдуу боло турган, ал дарылаган адамдар тез айыгып кете турган. *Байбиче, колуңуз жеңил эмес беле, бала тез түшүп кеткиси бардыр* (Сыдыкбеков). *Колуңдан айланайын, колу жеңил деп көп кишиден уктум, – деди кемпир эмчи кызга* («Агым»). *Устатымдын колу жеңил, өзүң айткандай, акжолтой болуп уулуңар айыкса... Молдокемдин жолдугу го башка...* (Бейшеналиев).

**КОЛУ ЖЕР АЛДЫНДА ЭМЕС** Колунан бир нерсе келет, такыр эле айласыз же жоксуз эмес, түңүлгүгө болбойт. *Биздин да колубуз жер алдында эмес, аларга бир керегибиз тиер* («Кыргызстан маданияты»).

**КОЛУ ЖЕТИК** Бардар, колунда бар, жетиштүү. *Небере-чөбөрөлүү, малдуу, колу жетик жашайт экен* (Бейшеналиев). *Үйдүн керегелерин камыш менен калкалап коюуга ойлору жеткен да, колдору жетик эмес* (Убукеев). **В.: Колу жуктуу.** *Колу жуктуу туугандары каралашчу, кыл куйрукту да ошо тапмак* (Бейшеналиев).

**КОЛУ ЖЕТПӨӨ** Жетишсиз, жоксуз абалда болуу, ойлогонуна, каалаганына жете албоо. – *Эх, Турсунум, ат жетелеп барсам да ылайык. Аны кайдан табабыз, кол жетпейт, ким берет?* (Бейшеналиев).

**КОЛУ ЖУКА** Колунда жок, жетиштүү турмушта эмес, оокат-тиричилиги чабал, жоксуз. *Колунда бар кишилерге эчтеке эмес, айрыкча колу жука адамдар карызга батат* («Аалам»). **В.: Колу тайкы.** *Колу тайкы болгон менен дили бай азаматтын делебеси козуп, манаптын бой жеткен кызына ашык болот* (Бейшеналиев). *Колу тайкы адамга Дос болбогон Чагырбай* (Токтогул). *Колу тайкы, калың төлөөгө кудуретсиз, бой, жалчы жигиттер кубатташты* (Бейшеналиев). **Колу кыска.** *Ойдо бар, бирок кол кыска.*

**КОЛУ ЖУКАРУУ** Колунда болгон нерсесинен ажыроо, начарлай баштоо, жетишсиз абалга келүү, жардылануу. *Кол жукарып, оокат-тиричилик тартыш боло баштады* («Ала-Тоо»).

**КОЛУ ЖУКТУУ** *к.* **колу жетик.**

**КОЛУ КАНДУУ** Колу тийгенин соо койбогон, мертинтип же өлтүрүп сала турган, ары-бери кызыл-жаян кылып шылып жиберген. *Колу кандуу жигит.* **В.: Камчысы кандуу.** *Камчысы кандуу киши.*

**КОЛУ КОКОНДО, БУТУ БУКАРАДА** Ар нерсе, бардык иш колунан келет, ошондой мүмкүнчүлүгү бар, төрт тарабы кыбыла, колдой тургандары көп деген сыяктуу мааниде.

**КОЛУ-КОЛУНА ЖУКПОО** Өтө тез, ылдам кыймылдоо, шамдагайлык менен тезтез иштөө. *Теримчи кыздарды карап турсаң, колу-колуна жукпайт. Булардын шамдагайлыгына аябай ыраазы болосуң* («Аалам»). **В.: Кол учуна тийбөө.**

**КОЛУ КУУШ** *к.* **колу тар.**

**КОЛУ КҮЙГӨН** Жалккан, коркуп, жалкотой болуп калган. *Жумгалда иштеп жүрүп, кошуп жазуудан колу күйгөн* («Чалкан»).

**КОЛУ КЫСКА** 1. *к.* **колу жука.** 2. Ойлогон оюн, көздөгөн максатын ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү келбеген, алсыз, колунда бийлиги жок. *Кагылайын Батийна, сени кара зоонун астынан суурup алармын дедим эле. Айлам жок. Колум кыска, өзүм алсыз экенмин* (Сыдыкбеков). *Намыска бек, тайманбас болсо да колу кыска, жолу тар зайып айласыз уу жуткандай жүргөн кези* (Сыдыкбеков).

**КОЛУ КЫСКАРУУ** Бир нерсени иштөөгө, аткарууга мүмкүнчүлүгү болбоо, бийликтен, мансаптан ажыроо, мурдагыдай болбой калуу, колунан эч нерсе келе албоо. *Бирок, анын ойлогонундай болбоду, Кызылбаштын колу кыскарды* (Каимов).

**КОЛУ КЫЧЫШУУ** Кандайдыр бир ишти иштегиси келүү же бирөөнү муштагысы келүү, колу жөн турбоо деген сыяктуу мааниде. *Колум кычышып турат. Анын колу кычышып турат.*

**КОЛУ ООЗУНА ЖЕТҮҮ** Өз алдынча жан сактоого, жашоого жетишүү, мүмкүнчүлүгү болуу, турмуш шарты оңолуу. *Бул үй колу оозуна жетпеген бир шордуунуку экенин сураштырбай эле билгидей* (Жантөшев). *– Үйлөнө элексиңби? – Кайдан. Эки кол оозго эми жеткенсиди. Мында жүргөнүм да ошол себептүү* (Осмоналиев).

**КОЛУ ООР** Мууздалган малдын жаны тез чыккан, колунан мал тез өлгөн, чапканын майып кылган.

**КОЛУ ТАЙКЫ** *к.* **колу жука.**

**КОЛУ ТАР** Колунан оңой менен эч нерсе чыкпаган, катуу, зыкым, сараң. *Колу тарды март кылып, сандыктан нан алдырган* (Осмонов). **В.: Колу кууш.** *Демейде колу кууш жеңе бүгүн эмне үчүндүр берешен, март* («Чалкан»). **Колу чүрүш.** *Чумчуңдөгөн колу чүрүш неме экен, көп деле жарыта алган жок* («Ала-Тоо»).

**КОЛУ ТИЙҮҮ** 1. Убактысы, мүмкүнчүлүгү болуу, шарты келүү, колу бошоо, чолосу тийүү. *Бирок Жапар кетеринде, «келип-кетип турам» деп энесине канчалык убада берсе да, жумуштан колу тийип үйүнө көп келе алган жок* (Баялинов). *Жумуштан колум тийбейт.* 2. Бирөөнү чаап, муштап жиберүү, уруп коюу. *Сакалдуу кишиге колум тийип калды, айыптуумун. Кээде тоң моюндук кылышса айтып-деп түшүндүргөндүн ордуна кыйкырып-бакырып колум тийчү* (Мырзаев).

**КОЛУ ТУТКАК** Майда-чүйдө нерселерди, колуна тийгенди уурдап, жымырып, кете берме, жулук ууру, кичине уурулук жайы бар. *Биздей кезинде эле чоң муштум, тентек, шылуун, колу туткак неме болчу* (Саатов). *Колу туткак байбичелер өздөрүнчө бүлкүлдөшүп, күлүп жөн болушту* («Куйручук»).

**КОЛУ УЗАРУУ** 1. Турмуш-тиричилиги оңолуу, жакшылыкка, кенен турмушка жетишүү, оңоло баштоо. *Турмуш оңолуп, кол узарса, кыз берүүдөгү шаан-шөкөт кошо күчөйт экен* (Эшмамбетов). *Эргешбайдын колу узарбады, чекеси жылып марыбады* (Борбиев). *– Эх, аюум, теңирде теңдик жок. Колубуз узарар күн барбы* (Бейшеналиев). 2. Жардам көрсөтөр, жүгүн жеңилдетер бүлөлүү болуу. *Балдары бойго жетип, колу узарып калды* (Сыдыгалиев). *Кыз берип, куда күттүң, келин алдың, колуң узарды* (Эралиев).

**КОЛУ УЗУН** Кандайдыр бир ишти иштөө, аткаруу колунан келүү, күчү жетүү. *Биз барып чоң той кылалы, Колубуз узун болгон соң* (Эшмамбетов). *Өкмөттүн ниети таза, колу узун* (Токомбаев).

**КОЛУ УЯЛУУ** Алам деп турган нерсесин ала албай умсунуп калуу, оңтойсуз абалда калуу, шагы сынуу. *– О-о! Колуң уялбасын. Мунун кунуна менин күржүйгөн байым түшүнөт дейсиңби* (Бейшеналиев). *Мэ, колуң уялбасын алып тур* (Осмоналиев).

**КОЛУ ЧЕБЕР** Устат, иштүү. *Колу чебер аялдын Учугу түшпөйт ийнеден* (Барпы).

**КОЛУ ЧҮРҮШ** *к.* **колу тар.**

**КОЛУКТУ** 1. Күйөө боло турган жигити бар кыз, кайыны бар, кайындуу кыз. *Мен үйлөнө турган колуктумду өмүрүмдө көргөн эмесмин* (Абдукаримов). 2. Жаш келин, жаш аял. *Колуктусун башынан аягына чейин нечен жолу имерип карады* (Байтемиров).

**КОЛУМ СЫНСЫН!** Алган жокмун, тийген жокмун, алсам буюрбасын! деген сыяктуу каргануу маанисинде колдонулат. *Алган жокмун, колум сынсын! – деди* («Агым»).

**КОЛУН АДАЛДАТУУ** Сүннөткө отургузуу. *Баласынын колун адалдатамын деп, той өткөрдү.*

**КОЛУН БАЙЛОО** Башка ишке мүмкүнчүлүк бербөө, чолосун тийгизбөө, жолтоо болуу. *Кайра-кайра кеңеш куруу, камынуу, ичкериге түшүндүрмө, арыз наамэ жазуу түйшүгү арбын, менин колумду байлады* (Бейшеналиев).

**КОЛУН КАРОО** Материалдык жактан бирөөгө көз каранды болуу. *Эми аялы таштап кетсе, кимдин колун карар экен?* (Каимов). *Керкибай мурда энесинин колун караса, эми Шайыркулдун көзүн карай турган болгон* (Каимов). *Жарды туугандарым менин колумду карап отурат* («Ала-Тоо»).

**КОЛУН МУРДУНА КАТУУ** *к.* **эки колун мурдуна катуу.**

**КОЛУН МУРДУНА ТЫГУУ** *к.* **эки колун мурдуна тыгуу.**

**КОЛУН СУРОО** Аялдыкка алууга сунуш киирүү, жуучу жиберүү, сүйлөшүү. *Кулбаш*

*аксакал кыздын колун сурап жуучулардын келген-келбегенин билүүгө аракет кылды* (Абдукаримов). *Айлана-кийинки убактардын ичинде бир далай эле жуучулар келип анын колун сураган болчу* (Абдукаримов).

**КОЛУН УЗАРТУУ** Жардамдашуу, жардам көрсөтүү, ишин жеңилдетүү. *Байтымбет колумду узартып чарбакты ээлесин. Балaботo аталып, колумду узарткан тил-мечимди кагып-согуп кодуласам түбүбүзгө зак кетер* (Бейшеналиев).

**КОЛУН УЯЛТПОО** Шагын сындырбоо, ыңгайсыз абалга калтырбоо. *Менин колумду уялтпай алып коюңуз, ата* (Саатов).

КОЛУНА ЖУКПОО **Бир нерсеге жар-дамдашып, жасашып коюудан «эч нерсе болбойт», «андан жаман деле болуп кетпөө» деген мааниде бирөөгө жеме оодаруу. *Жана колум какшап, казанды жууй албай жатканда, суу ала жїгїрїп келип от жагып жиберсеў, колуўа жукпайт эле го?* (Жантөшев).**

**КОЛУНА КАРГА ЧЫЧАР** *к.* **колго карга чычар.** *Бакыр адам паанада. Биздин колубузга да карга чычар* (Бейшеналиев).

**КОЛУНА КОЛ, БУТУНА БУТ БОЛУУ** Бардык ишин бүтүргөн жардамчысы болуу, жардамдашып көмөк көрсөтүп туруу. *Турсуну Айымкан менен эже-сиңдидей кеперес, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле жасап, колуна кол, бутуна бут болуп алынып, кетти* (Бейшеналиев). *Апам менин Каныкей Апай энени колуна кол, бутуна бут болуп үйүнөн чыкпайт* (Бейшеналиев). *Ошол жумуштарын иштеп алгыча, биз ага колубуздан келишинче жардамдашып, колуна кол, бутуна бут болуп беришибиз керек* (Убукеев).

**КОЛУНА ӨЛҮП БЕРҮҮ** Катуу каршылык көрсөтүү, өлбөгөн жерде калуу. *Сенин колуңа өлүп бербесем элеби?* («Кыргызстан маданияты»). *Кокус шайтан сайып угуп калса, төп жүрбөгөн кишини жиниңдей көрөрүн билесиң, колуңа өлүп берет* («Сүйүү жана үмүт»).

**КОЛУНА ТҮШҮҮ** *к.* **колго түшүү 1.**

**КОЛУНАН КЕЛИШИНЧЕ** Алынын жетишинче, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча. *Колуңан келишинче сыйлаганга үйрөн, ошого көн* (Мырзаев).

**КОЛУНАН КЕЛҮҮ** Аткара алуу, орундата алуу, жарай алуу. *Деген менен жазыксыз кудaны өлтүрүш Адыкенин колунан келген жок* (Сыдыкбеков). *Өңүн адам жерибесе, колунан баары келген мыкты кыз* («Ала-Тоо»). *Бул сенин колуңдан келет деген ойдобуз, сен гана жарай аласың* («Ала-Тоо»).

**КОЛУНАН КОКОН ТЫЙЫН КЕЛБӨӨ** Эч нерсеге жарабоо, пайдасы же жардамы тийбөө, эч нерсени аткара албоо. *Колунан кокон тыйын келбей делдейип басып жүргөндөр жокпу* («Кыргызстан маданияты»).

**КОЛУНАН КӨӨРҮ ТӨГҮЛГӨН** Абдан уз, мыкты чебер, устат, колунан бардыгы келген. *Жаш келиндин колунан көөр төгүлүп турганы жакшы* (Сыдыкбеков). *Рудольф колунан көөрү төгүлгөн жыгаччы уста* (Баялинов). *Быяктын кыздарынын көбү келбеттүү, колунан көөрү төгүлгөн уздар* (Бейшеналиев). *Колунан көөрү төгүлгөн ургаачыга жолукту, бактысы бар экен, – деп Атайга да суктанышкан* (Каимов). *Колунан көөрү төгүлгөн усталардын да көзү түштү* (Тойбаев). *Ал турсун Таты таежем колунан көөрү төгүлгөн аял экенин коштум* (Ашымбаев).

**КОЛУНАН ТИЗГИНДИ АЛУУ** Бийликти алуу, бийлей баштоо, бийлик жүргүзүү. *Жонумдан оорумду жеңилдетип, колумдан тизгинди алып, мыктыларга табакташ, элиңе чегээ болорсуң* (Бейшеналиев).

**КОЛУНАН ЧЫГУУ** Кимдир бирөө тарабынан аткарылып, иштелип бүтүү, толук орундалуу. *Шырдактын оюу-чийүүлөрү бири-бирине төп келип, эч кынтыксыз. Мыкты устаттын колунан чыкканы көрүнүп турат* («Кыргызстан маданияты»). *Аскардын колунан чыккан иш сапаттуу да, тез да болот* (Сыдыкбеков).

**КОЛУНДА БАР** Жетиштүү, оокаттуу, бардар. *Өзүндө жоктор колунда бар агайындан, айылдаштарынан күчүнө унаа алып, ага үйүн артып, бир-бирине каралаша өбөк-жөлөк болуп келатышкан кишилер кең пейил, бейпил тартты* (Сыдыкбеков).

## МАЗМУНУ

Тил – элдин автопортрети ....................3
Сөздүк – бүгүнкү күндүн өктөм талабы ....................7
Сөздүктү пайдалануучуларга керектүү маалыматтар ....................9
Кыргыз алфавити ....................13
Элдик календарь .................... 14
А ....................15
Б ....................163
В ....................329
Г ....................337
Д ....................352
Е ....................411
Ж ....................412
З ....................573
И ....................590
Й ....................629
К ....................630

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗДҮГҮ

# СЛОВАРЬ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

***А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында***

Редакторлор *Б. Усубалиев, А. Кадырмамбетова, М. Касымгелдиева*

Тех. редактор *Р. Бөкөев*
Корректор *М. Текешова*
Тергендер жана компьютердик калыпка салгандар *А. Абдыкалыкова, Б. Өмүров*

Терүүгө 25.10.2009-ж. берилди. Басууга 12.01.2010-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $70x108^{1}/_{16}$. Мектеп ариби. 91,25 басма табак.
Нускасы 1000. Заказ № 1956. Келишим баада.

Аврасия Яйынжылык